# Хизб-ут-Тахрир амири мужтахид АТО ИБН ХАЛИЛ АБУ РУШТАНЫН фейсбук баракчасындагы саясий суроолорго берген жооптору



## Мазмуну


**1. Азербайжандагы үчтүк саммит тууралуу суроого жооп.................5**

**2. АКШдагы шайлоолор тууралуу суроолорго жооптор..................11**

**3. АКШ менен Европа ортосундагы саясий жана экономикалык кескиндик тууралуу суроого жооп.......................................................61**

**4. АКШнын Жакынкы Чыгыштагы саясаты тууралуу...................71**

**5. АКШнын Россия жана Кытай саясаты тууралуу суроого жооп...83**

**6. АКШ-Франциянын жакындашуусу тууралуу суроого жооп.......116**

**7. АКШ Улуу Британия жана Австралия ортосунда түзүлгөн аскердик союз тууралуу суроого жооп...........................................124**

**8. АКШнын карыздар ченин көтөрүүсү тууралуу суроого жооп....133**

**9. АКШдагы пайыздык ставканын көтөрүлүшү тууралуу............141**

**10. АКШ долларынын дүйнөлүк экономикага көзөмөл кылуусунда “артка эсептөө” доору тууралуу суроого жооп.........................................144**

**11. Алжир боюнча берилген суроолорго жооптор...........................169**

**12. Араб жазы тууралуу берилген суроого жооп.............................201**

**13. Армениядагы шайлоо тууралуу суроого жооп...........................214**

**14. Афганистан тууралуу берилген суроолорго жооптор................220**

**15. Бангладештеги төңкөрүш тууралуу суроого жооп.....................291**

**16. Борбордук Африкадагы күрөш тууралуу суроого жооп...........300**

**17. Британиянын ЕБдан чыгуусу тууралуу суроолорго жооп.........311**

**18. Вагнер күчтөрү жетекчисинин козголоңу тууралуу суроого жооп...342**

**19. Венесуэладагы кризис тууралуу суроого жооп...................................351**

**20. Габондогу төңкөрүш тууралуу.............................................................356**

**21. Гамбиядагы саясий абал тууралуу суроого жооп.......................365**

**22. Гвинеядагы кырдаал боюнча суроого жооп.............................373**

**23. Германия жана Улуттук коопсуздук стратегиясы тууралуу............381**

**24. Греция тууралуу суроолорго жооптор...................................................389**

**25. Грузиядагы абал боюнча суроого жооп...............................................416**

**26. Евро биримдик боюнча суроолорго жооптор.......................................418**
**27. Жер Ортолук деңизиндеги газ кризиси тууралуу суроого жооп........432**
**28. Индия тууралуу суроолорго жооптор……………………………………..441**
**29. Ирак маселеси боюнча берилген суроолорго жооптор...............501**
**30. Иран маселеси тууралуу берилген суроолорго жооптор.....................553**
**31. ИШИМ уюмунун Халифалыкты тикелегени тууралуу……………..700**
**32. Йемен боюнча суроолорго жооптор......................................................704**
**33. Казакстандагы окуялардын саясий акыбеттери……………………..773**
**34. Каталониядагы саясий туруксуздук тууралуу суроого жооп............782**
**35. Катар боюнча берилген суроолорго жооптор..............................794**
**36. Кения тууралуу берилген суроолорго жооптор....................................809**
**37. Кипр маселеси боюнча берилген суроолорго жооптор.......................833**
**38. Конго тууралуу берилген суроого жооп.................................................866**
**39. Косово окуялары жана анын Европага тийгизген таасири..............869**
**40. Кот-д'Ивуардагы окуялар тууралуу суроого жооп.....................878**
**41. Крымдын Россияга кошулуусуу тууралуу суроого жооп....................888**
**42. Кыргызстан боюнча берилген суроолорго жооптор............................895**
**43. Кытай тууралуу берилген суроолорго жооптор...................................916**
**44. Ливан тууралуу берилген суроолорго жооптор..................................1021**
**45. Ливия тууралуу берилген суроолорго жооптор..................................1052**
**46. Мавритания тууралуу берилген суроолорго жооптор......................1143**
**47. Малайзиядагы шайлоо тууралуу суроого жооп................................1147**
**48. Мали тууралуу берилген суроолорго жооптор...................................1150**
**49. Мароккодогу кырдаал боюнча суроого жооп....................................1170**
**50. Миср боюнча берилген суроолорго жооптор......................................1183**
**51. Мунай бааларынын өзгөрүүсү тууралуу суроолорго жооптор.........1203**
**52. Мьянмадагы аскерий төңкөрүш тууралуу суроого жооп.................1248**
**53. НАТО боюнча берилген суроолорго жооптор.....................................1257**
**54. Нигерия тууралуу суроолорго жооптор..............................................1286**

**55. Өзбекстандагы окуялар тууралуу суроолорго жооптор...........1337**
**56. Пакистан маселеси боюнча берилген суроолорго жооптор.....1350**
**57. Палестина боюнча берилген суроолорго жооптор....................1417**
**58. Паттани каргашасы да Палестина каргашасынын дал өзү............1493**
**59. Россия боюнча берилген суроолорго жооптор..........................1497**
**60. Саудия боюнча берилген суроолорго жооптор...................................1570**
**61. Сербия тууралуу берилген суроого жооп.............................................1631**
**62. Скандинавия өлкөлөрү жана Куръани Каримдин өрттөлүшү жана Эрдогандын Фарс булуңуна сапары тууралуу суроолорго жооп...........1636**
**63. Сирия кризиси тууралуу берилген суроолорго жооптор...................1645**
**64. Судан тууралуу берилген суроолорго жооптор.........................1793**
**58. Танзания тууралуу жигиттерге................................................1914**
**59. Тайвань тууралуу суроого жооп..........................................................1925**
**60. Трамптын саясаты тууралуу суроого жооп..............................1929**
**61. Тунис тууралуу берилген суроолорго жооптор.........................1940**
**62. Түндүк Корея тууралуу берилген суроолорго жооптор...........1960**
**63. Түркия тууралуу берилген суроолорго жооптор......................1994**
**64. Украина тууралуу берилген суроолорго жооптор...................2146**
**65. Улуу мамлекетке көз каранды мамлекеттер ортосундагы келишпестиктердин акыйкаты......................................................2246**
**66. Финансылык кризис тууралуу суроого жооп...........................2256**
**67. Франция-Германия-Россия үчтүк саммити тууралуу.............2265**
**68. Чоң жыйырма саммити боюнча берилген суроолорго жооп...2287**
**69. Экономикалык кризис тууралуу...............................................2299**
**70. Эмираттын көз карандылыгы жана анын аймактагы кээ бир негизги маселелердеги позициясы.................................................2304**
**71. Ядролук коопсуздук саммитинин максаты..............................2315**
**72. Япония-Канада-Түркиянын эл аралык абалдагы орду...........2319**
**73. Япониянын жаңы коргоо стратегиясы............................................2326**

**Азербайжандагы үчтүк саммит боюнча берилген суроого жооп**

**Суроо:** *2016-жылы 8-августта Азербайжан борбору Бакуда алгачкы ирет Россия, Иран жана Азербайжан жетекчилери чогулган үчтүк саммити болуп өттү. Корутунду билдирүүдө айтылышынча, үч мамлекет ортосундагы алакалар, экономикалык кызматташтык, түндүк-түштүк коридору, терроризмге каршы күрөш, Сирия жана Афганистан кризиси, баңгизаттар соодасы, экстремизм, трансулуттук кылмыштуулук, мыйзамсыз курал-жарак соодасы, адам соодасы сыяктуу бир нече темалар талкууланган... Булардын баары бир күндө каралып чыкты! Бул жыйын болгону массалык маалымат каражаттарында жар салуу үчүн өткөрүлдүбү же бул жерде жашырылган маанилүү маселе барбы? Маалым болгондой, Иран менен Азербайжан Америка саясатына ылайык аракет кылууда. Демек, бул жыйында Американын ролу барбы? Эгер, бар болсо Америка мындан эмнени көздөп жатат?*

**Жооп:** Туура, бир же эки жыйында, бир күндө же жарым күндө темалардын мынчалык кеңири спектрин карап чыгуу макул эмес! Бирок, бул саммиттен максат экономикалык тема экени, айрыкча «түндүк-түштүк коридору» деген экономикалык коридорду куруу экендиги көрүнүп турат... Ал эми, Америка мында негизги ролду ойнойт. Бул роль Россияны Кытайдан алыстатуу жана экономикалык жактан алдан тайдыруудан турат. Бул болсо Россиядан Азербайжанга, кийин Иран жана Булуңга өтө турган ушул коридор менен Россияны алек кылып коюу аркылуу ишке ашырылат... Муну айкын түшүнүү үчүн ушул жагдайларды карап чыгабыз:

Биринчи: Корутунду билдирүүдө айтылган маселелер саммит өткөрүп талкуулай турган маанилүү иштер эмес:

1 – Афганистан жөнүндө айтсак, бул үч мамлекеттин эч бири Афганистан маселесинен эч бир нерсеге ээ эмес. Тескерисинче, Афганистанда Американын таасири күчтүү. Себеби, Америка Афганистан

бийлигине өкүмдарлык кылат. Ошондуктан, билдирүүдө Афганистандын айтылышы экинчи даражалуу маселелерден!

2 – Трансулуттук кылмыштуулук жана адам соодасына келсек, булар ушул мамлекеттер биргеликте көңүл бура турган жана атайын саммит өткөрүүгө арзый турган биринчи даражалуу маселелерден эмес.

3 – Сирия кризиси жөнүндө айтсак, Россия менен Иран Сирия жаатында Сирия режиминин жеңилүүсүн токтотуу үчүн бири-бири менен кызматташууга муктаж. Бирок, Азербайжандын Сирия кризисинде эч бир ролу жок экендиги саммит бул максатта өткөрүлбөгөнүн билдирет. Айрыкча бул саммитти өткөрүүгө чакырган тарап Азербайжан экендигин этибарга алсак, саммит башка максатта өткөрүлгөнү ачык-айкын болот: «Ушунусу көңүлдү өзүнө бурат, дүйшөмбү күнү өткөрүлө турган бул үчтүк жыйыны Азербайжан президенти орус кесиптеши менен өткөн февраль айында алып барган телефон менен сүйлөшүү учурунда сунуштаган ушул мазмундагы алгачкы саммит». (i24news, 2016-жыл, 8-август). Бул болсо Азербайжан өткөрүүгө чакырган бул саммит Сирия кризисине арналбаганын түшүндүрөт. Себеби, айтып өткөнүбүздөй бул (Сирия) кризисте Азербайжандын эч бир ролу жок.

4 – «Терроризмге» каршы күрөш, баңгизат соодасы, курал-жарак жана куралдуу согушкерлерди транзит кылуу амалияттары, айрыкча, Азербайжан менен Россия ортосунда токсонунчу жылдары Чеченстан согуштары учурунда болгондой мужахиддердин Кавказга өтүү жолу сыяктуу маселелерге келсек, «Русиял Явм» бул жөнүндө 2016-жылы 8-августта ушуларды маалымдады: «Президент Владимир Путин ирандык жана азербайжандык кесиптештери Хасан Руханий жана Илхам Алиев менен биргеликте үч мамлекет аркылуу өтө турган курал-жарак, куралдуу согушкерлер жана баңгизаттар транзити амалияттына тоскоолдук кылуу зарыл экенин баса белгиледи. Президент Путин 8-август күнү үч мамлекет ортосунда террорчу уюмдардын аракети жөнүндө өз ара маалымат

алмашууну күчөтүүгө чакырды». Россия бул маселелерди саммитте тилге алган болсо да, бирок, мындай маселелерди Россия Азербайжан менен өз ара чече алат. Мында Иран президенти да катышкан саммит өткөрүүгө кажет жок. Себеби, «куралдуу согушкерлер жана курал-жарак транзити» маселеси Россия-Азербайжан проблемасы. Себеби, «куралдуу согушкерлер» адатта Азербайжан аркылуу өтүшөт... Афганистандан Иран жана Азербайжан аркылуу келүүчү баңгизаттар темасынын да кандайдыр бир деңгээлде таасири бар. Бирок, ал азыркы шартта бул мамлекеттердин назарында саммит өткөрүүгө арзый турган биринчи даражалуу маселе эмес...

Экинчи: Демек, жогоруда айтылган маселелер кандайдыр бир даражада таасирге ээ болсо да, бирок, алар бул үч мамлекет ортосунда саммит өткөрүлүшүнө негизги себеп эмес. Демек, бул саммитти өткөрүүгө себеп болгон негизги максат экономикалык тема, өзгөчө экономикалык коридор болгон «түндүк-түштүк коридорун» куруу темасы... Муну айкын түшүндүрүү үчүн экономикалык иштер жөнүндө билдирүүдө келген нерселерди жана бул тема туурасында айтылган сөздөрдү баяндап өтөбүз:

1 – Корутунду билдирүүдө мындай делген: «Россия, Иран жана Азербайжан байланыш коммуникацияларын өнүктүрүү, алардын катарында «түндүк-түштүк» коридорун өнүктүрүү чараларын көрүүгө чечим кылды. Бул туурасында үч тарап регионалдык жүк ташуу мүмкүнчүлүгүн бириктирүүгө аракет кылат. Максат экологиялык жактан коопсуз жана пайдалуу экономикалык байланыш структураларын куруу... Үч мамлекет «түндүк-түштүк» эл аралык транспорт коридору аркылуу туристтерди жана товарларды ташуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү жакшыртуу максатында байланыш структурасын өнүктүрүү үчүн ниетинде»... Билдирүүдө Москва, Тегеран жана Баку «темир жол линияларын бири-бирине байлоо үчүн жаңы долбоорлорду ишке ашырууда биргеликте аракет кылышы, бул иш «түндүк-түштүк» эл аралык транспорт коридорунун мүмкүнчүлүгүн өнүктүрүү жана

жакшыртуу алкагында ишке ашырылышы» көрсөтүлгөн. (Русиял Явм, 2016-жыл, 9-август).

2 – Иран президенти Руханий бул саммиттен көздөлгөн максат жөнүндө ушуларды айтты: «Максат – бул мамлекеттер ортосундагы кеңири чөйрөдөгү өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн бекемдөө». (Аалам каналы, 2016-жыл, 8-август).

3 – Орус массалык маалымат каражаттары бул саммиттен эң көзгө көрүнгөн максат жөнүндө ушуларды маалымдады: «Орус маалымат агенттиги 2016-жылы 8-августта Россия-Иран үлкөн долбоору жөнүндө сөз кылды. Бул долбоор Мисрдеги Сувайш (Суэц) каналы менен атаандаша алат. Орус агенттиги ушуларды билдирди: «Саммитте талкуулана турган эң маанилүү тема – түндүк менен түштүктү байланыштырган эл аралык коридорду куруу. Бул долбоор кандайдыр бир даражада Мисрдеги Сувайш каналы менен атаандашат. Себеби, бул коридордун узундугу 7200 км.ге жетет. Бул коридор Европа түндүгүн Иран, Россия жана Азербайжан аркылуу Индия жана Булуң мамлекеттери менен байланыштырат». Иран тышкы иштер министри: «Бул долбоор Иран, Азербайжан жана Россия калктарынын жана бүткүл регион кызыкчылыктарына кызмат кылат. Себеби, бул долбоор чыгашасы жана убакыты жагынан Сувайш каналы аркылуу өтө турган деңиз жолунун ордун баса турган күчтүү альтернатива болуп эсептелет», - деп билдирди».

4 – Русиял Явм 2016-жылы 8-августта ушуларды кабарлады: «Орус президенти саммитте Россия, Иран жана Азербайжан ортосундагы үчтүк кызматташтыгы Каспий регионунда бир нече жаңы долбоорлорду ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн беришин баса белгиледи. Путин: «Алдыбызда үчтүк форматында талкуулана турган бир нече маселелер бар...» деди».

Ошентип, бул саммиттен көздөлгөн негизги максат – экономикалык кызматташтык, өзгөчө түндүк-түштүк коридорун куруу. Ал Каспий деңизи боюнча экономикалык долбоорлордун эң башында турат. Бул деңиздин

боюнда жайгашкан калган мамлекеттер бул саммитке чакырылбады. Ошондуктан, бул маселе көбүрөөк келечекте талкууланат. Бул талкуу ушул деңиз жээгинде жайгашкан башка мамлекеттер менен тил табышууга жетишилгенге чейин узакка созулушу мүмкүн. Бирок, коридор темасы ушул үч мамлекетке тиешелүү. Бул туурасында орус маалымат каражаттары бул коридорду жана ал Сувайш каналы менен атаандашуусун өзгөчө көрсөтүп өткөнүн баса белгилөө мүмкүн.

Үчүнчү: Американын ролуна келсек, бул роль чынында бар. Бул ролдун арасында терең пикир жүргүзбөй турганы да, терең изилдене турганы да бар... Биринчиси жөнүндө айтсак, аны бул үч мамлекеттин вакиъси бири-биринен айырмаланганынан оңой түшүнүп алуу мүмкүн. Мисалы, Россия колонизатор мамлекет, анын өзүнүн регионалдык жана эл аралык саясаты бар. Иран менен Азербайжан болсо Америка саясаты бойлоп аракет кылган мамлекеттер. Мындай мамлекеттердин тышкы саясаты Америка саясатынан айры абалда алып барылбайт. Башкача айтканда түндүктөн түштүккө карата Иран жээгиндеги Булуңга чейин коридор жаткыруу аракети Америка саясатынан сыртта алып барылбайт. Бул үчүн терең пикир жүргүзүүгө кажет жок. Экинчиси т.а. терең пикирлөө зарыл болгон нерсени ушул нерселерди карап чыгып түшүнүп алуу мүмкүн:

1 – Америка Россиянын оор экономикалык абалын көрдү. Ошондуктан, Азербайжан жана Иранга Россияны орус экономикасын алдан тайдыра турган бир ири экономикалык долбоор менен алдап кызыктырууну буйруду. Бул, Американын Кытайга карата жүргүзгөн саясаты сыяктуу. Себеби, Америка Кытайды Пакистан аркылуу Кытай экономикалык коридору сыяктуу үлкөн долбоорлорго каражат сарптоо менен алек кылып коюу саясатын алып барды. Америка Россияны да жаңы «түндүк-түштүк» коридоруна каражат сарптоого үндөмөкчү. Максаты орус экономикасын алдан тайдыруу, Америка өкүмдар болгон Эл аралык Валюта Фондунан жана Эл аралык Банктан карыздарды алууга мажбур кылуу. Ушул максатта

Америка Иран жана Азербайжанга да ушул «коридор» долбооруна каражат сарптоону буюрду. Америка ушул аркылуу Россияны бул долбоорго тартмакчы жана кызыктырмакчы.

2 – Америка Кытай көзгө көрүнгөн дүйнөлүк күчкө айланышына жол бербөө үчүн Ыраакы Чыгышта өз саясатын күчөтүп жатканда Кытай айланасындагы кескиндик жайларын да козгоодо. Америка Россиянын Азияга карай умтулушундагы эң коркунучтуу нерсе Россиянын Кытайга карай умтулушу экенин анык түшүнөт. Америка саясаты Кытай башка ири мамлекеттер менен биригип күчөшүнө жол бербөөгө негизделген соң, демек Америка Кытай менен жакындашуу маселесинде ушул мамлекеттердин эң кооптуусу Россия экенин жакшы түшүнөт. Ошондуктан, Россияны Кытайдан алыстатуу алкагында Америка Россияны мына ушундай «түндүк-түштүк» коридору менен алдап кызыктырууда. Азербайжан жана Россия аркылуу өткөн бул экономикалык коридор Иран-Индия экономикалык коридорунун «эгизи». Маалым болгондой, Иран-Индия экономикалык коридору Индияны деңиз аркылуу (Ирандын Чахбехар порту аркылуу) Иран менен о.э. Иранды кургактык аркылуу Афганистан менен байланыштырат. Т.а. Россия аркылуу өтүүчү «түндүк-түштүк» жаңы коридору Индия экономикалык коридоруна – Европа түндүгү менен байланыштырып – дагы да маанилүүлүктү берет. Натыйжада, Россия Кытайдын Түштүк Азиядагы салттуу душманы Индия тарабында болуп көрүнүп калат. Ошентип, Россия менен Кытайдын ортосуна жик түшөт. Башка тараптан болсо, Россиянын ушул экономикалык коридор себептүү Иран жана Азербайжан менен биригиши Россиянын «жибек жолу» сыяктуу Кытай экономикалык коридорлор долбоорлоруна кошулууга анык чекит коёт... Кыскасы, Америка Россиянын Кытайга умтулуусун көрүп турат. Ошондуктан, Америка Иран жана Азербайжандагы малайларын Россияны ортоктош долбоорлорго кызыктырууну буйруду. Максаты Россияны Кытайдан, Кытайды Россиядан алыстатуу.

**Корутунду:**

1 – Бакуда 2016-жылы 8-августта өткөрүлгөн үчтүк саммитинен экономикалык максат, өзгөчө түндүк-түштүк коридору көздөлгөн.

2 – Мында Американын саммитте Азербайжан жана Иран аркылуу таасирдүү ролу бар. Бул роль Россияны түндүк-түштүк коридору долбооруна алып кирүү. Мындан максат учурда кризисти башынан өткөрүп жаткан орус экономикасын алдан тайдыруу жана Россияны Азербайжан жана Иранга карай багытталган түштүк-батыш багытындагы долбоорлор менен алек болуп калууга мажбур кылуу. Ошондо Россия өзүнүн түштүк-чыгышындагы Кытайка карай багыт алуунун ордуна ушул (түштүк-батыш) багыты менен алек болуп калат, андан кийин Россия Кытайдан аста-секин бөлүнөт.

**11-зул-каъда, 1437-х.**

**2-февраль, 2019-ж.**

## АКШдагы шайлоолор тууралуу берилген суроолорго жооптор

Жорж Буштун кырсыктуу экономикалык саясаты себептүү, Обаманын эң биринчи милдети ички экономиканы оңдоо жана дүйнөлүк финансылык түзүмүн күчөтүү болот. Саясий тармакта болсо, Американын Ирак жана Афганистандагы согушунда ийгиликсиздикке учураганы Обаманын бул эки согушка о.э. Исламий дүйнөгө таандык Америка тышкы саясатында эч кандай түптөн өзгөртүү жасабастыгын түшүндүрөт. Американын «терроризмге каршы күрөш» саясатында да эч кандай өзгөрүү болбойт. Энергия камсыздоо маселеси да Обаманын эң биринчи милдеттеринен болот. Обама саясатында көзгө таштала турган бирден бир өзгөрүү мына ушул согуштарды улантуу дал Клинтон доорунда болгондой дүйнөдөгү башка тараптарды өзүнө шерик кылуу гана болот. Себеби, Обама 2008-жылы, 15-июлда Вашингтондо «жаңы дүйнө үчүн жаңы саясат» деп сүйлөгөн сөзүндө өзү алып бара турган тышкы саясаттан төмөнкү беш максат назарга алынышын баян кылды:

а - Ирак согушун жоопкерчилик менен аягына жеткирүү. Жоопкерчилик сөзүнөн бул согушту аягына чыгаруу жаатында манёврлар жасоо үчүн жол калтыруу максат кылынат!

б – Талибан жана аль-Каида уюмуна каршы согуштарды акырына жеткирүү.

в – Ядролук куралдар, ядролук компоненттер (курамдык бөлүктөр) коопсуздугун камсыздоо о.э. бул куралдардын террорчулар жана бул куралдарга аяр мамиледе болбой турган мамлекеттер колуна түшүп калбашына аракет кылуу.

г – Энергиянын чыныгы көрүнүштөгү камсыздоосу.

д – Жыйырма биринчи кылым коопторуна каршы күрөшүү үчүн Америка менен анын союздаштары ортосундагы ишенимди кайра тикелөө.

Обама Американын Исламий дүйнөдөгү кызыкчылыктарын сактап калуу үчүн Америка армиясын күчөтүүгө аракет кылат. Себеби, Обамада 2007-жылы, 23-апрелде «дүйнө иштери Чикаго кеңешинде» сүйлөгөн биринчи сөзүндө тышкы саясат жөнүндө айтып, Америка куралдуу күчтөрү жеке составынын санын 65.000 аскер жана 27.000 «маренц» деңиз жөө аскерине көбөйтүүгө чакырган. Бул болсо коргоо министри Роберт Гейц ортого таштаган пикирдин дал өзү. Ошондуктан, Обаманын мына ушул пикирде калгандыгынын ыктымалы бар.

Обама Ортоңку Чыгышта тынчтык процессин улантууда же Иракта туруктуулукту орнотуу жана Иранды буга шерик кылууда Беккер-Хамелтон отчётунда көрсөтүлгөн айрым иштерге моюн сунушу мүмкүн. Бирок, ал бул отчётко толук баш ийбейт. Себеби, Обама 2007-жылы, 4-июнда Израиль – Палестина күрөшү жөнүндө сөз сүйлөп, Америка жетекчилигинин позициясын каралап мындай дейт: «Бул келишпестикти чечүү жана адамдар үчүн эң абзел жашоо шартын жаратуу жетишүүгө мүмкүн болгон нерсе. Бирок, бул үчүн палестиналыктар тарабынан бир катар жан берүүлөр (уступка) болушу керек. Себеби, алар Израилдин жашоо укугун тан

алуулары, саясий чечимдерге жетишүүнүн бир куралы катары колдонуп жатышкан зомбулук жана террордон баш тартуулары, кол коюлган келишимдерге баш ийүүлөрү керек. Мен ишенемин, израилдиктер ошондо абдан кубанып «келгиле, жанма-жан, тынч-ынак жашоого алып бара турган сүйлөшүүлөрдө алдыга жылалы», дешет». Байден болсо 2008-сентябрдагы сөзүндө Израиль коопсуздугун ар кандай сүйлөшүүлөрдө баарынан бийик коюуга убада берип мындай дейт: «Мен, тышкы алакалар комиссиясынын төрагасы, силерге сөз беремин. Мен акылым жана жүрөгүмдө Барак Обама мен Израиль үчүн канчалык жан тартсам дал ушул даражада жан тартышына терең ишенгеним себептүү вице-президент мансабы үчүн өз мансабымдан баш тарттым. Мен силерге Израиль коопсуздугун дагы да көбүрөөк камсыздашыбызга убада беремин».

2007-жылы, 30-январда болсо Обама конгрессте Ирак согушунун 2007-жылдагы өнүгүүсүнө токтолуп, аскерлер санын 2007-жылы, январдагыдан көрө көбөйтүүгө үндөй турган токтомду ишке ашырууга чакырды. О.э. токтомдо 2008-жылы, 31-мартта Ирактан бардык аскерий бөлүктөрдү алып чыгып кетүүгө чөйрө даярдоо үчүн Америка күчтөрүн кайра жайгаштыруу да сунушталат. Бул болсо Беккер-Хамелтон сунуштарында көрсөтүлгөн мөөнөт.

Иранга карата болсо Обама Иранды дипломатиялык сүйлөшүүлөргө кошууга көбүрөөк даяр экенин билдирди. Себеби, 2007-жылы, сентябрда Айова штатында сүйлөгөн сөзүндө Жорж Буштун Иранга карата алып барып жаткан саясатынан тынчсызданууу билдирип мындай дейт: «Биз Ирактагы согуш жаңырыгын президенттин жана вице-президенттин Иран жөнүндөгү сүйлөгөн сөздөрүндө угуп жатабыз… Демек, алар чыныгы коркунуч салышууда. Себеби, алар дипломатиялык ыкманы колдонуунун убагы өттү деп эсептешүүдө. Негизи, өздөрү азырга чейин бул ыкманы колдонушпаган. Жорж Буш менен Дик Чейни унчукпастан «силер биздин колдообузга ээ эмессиңер, дагы бир согушту баштоо үчүн силерге биз тараптан уруксат

берилген жок» деп айтып жаткан Америка калкы жана конгресс добушуна кулак салуулары керек».

Ушуну да айтып өтүү керек, Обама менен Байден Афганистан үстүнөн көзөмөл орнотуу о.э. Пакистандагы исламчылар жана куралдуу кыймыл мүчөлөрү таасирине чек коюу үчүн Америка күч-кубатын ишке салуулары мүмкүн. Себеби, 2008-жылы, 14-июлда Обама мындай дейт: «Мен президент катары жаңы стратегияны колдоймун. Ишти Афганистандагы аракеттерибизди кубаттоо үчүн кошумча эки чабуул бригадасын жиберүү менен баштаймын. Анткени, биз Афганистандагы милдетибизди ийгиликтүү өтөө үчүн кошумча аскерий күчтөргө, кошумча вертолётторго, жакшыраак разведка маалыматтарын топтоого жана аскерий болбогон башка жардамдарга муктажбыз. Мен аскерлерибиздин, күч-кубатыбыздын жана тышкы саясатыбыздын Ирактагы туруктуу аскерий базаларды коргоо жаатындагы арзыбаган көңүл-каалоолорго туткун болуп калышына таптакыр жол бербеймин…».

Ушуну да айтып өтүү керек, Буш жетекчилиги тарабынан иштелип чыккан көптөгөн саясаттар сенатор Байдендин ыраазылыгы менен болгон. Мисалы, уруу башчылары менен тынчтык келишимдерин түзүп, аларды өз региондорундагы куралдуу аракет алып барып жаткан кишилерге каршы согушууга тукуруу, Пакистан армиясын Американын Афганистанды басып алгандыгын каралаткан куралдуу кыймыл мүчөлөрүнө каршы тукуруу, куралдуу кыймылдардын «сөзгө көнө турган» мүчөлөрүн Америка тарапка оодуруп, афган өкмөтүнүн курамына кошуу мына ошол саясаттардын катарына кирет. Мунун каршысында Америка Пакистанга 10 жыл ичинде 15 миллиард доллар өлчөмүндө «жардам» берет.

**6-шаввал, 1429-х.**

**4-ноябрь, 2008-м.**

## АКШдагы президенттик шайлоодо Трамптын жеңишке жетүүсү!

**Суроо:** *Мен бир суроого канааттанарлык жооп таба албай койдум. Ал суроо: Трамп шайлоодо Клинтондон кантип бир кыйла ашык добушка ээ болду? Маалым болгондой, 8-ноябрдагы президенттик шайлоого карата өткөрүлгөн жалпы сурамжылоолордун жыйынтыгында, Клинтон Трампка караганда бир топ алдыда эле. Ошондой эле, Трамптын шайлоо кампаниясындагы билдирүүлөрү бардык тараптарга карата курч мүнөздө айтылды. Европага, Кытайга, Саудияга, жалпы мусулмандарга жана Кореяга карата курч мүнөздө айтылды. Ошол эле учурда, Орусияга жана Башар Асадга карата берген билдирүүлөрүндө аларды мактады. Бул дегени, Американын саясатынын, айрыкча, Сирия жаатындагы саясатынын өзгөргөндүгүн түшүндүрөбү?*

*Аллах сизге жакшылыктарды берсин.*

**Жооп: С**уроонун жообу айкын болушу үчүн төмөнкү нерселерди карап чыгуу зарыл:

1 – Америкадагы шайлоо мыйзамдары адамдардын жалпы пикири жана добуштарынын саны эсептелишине тескери келет. Анда 538 мүчөдөн турган шайлоочулар коллегиясында ар бир штаттын белгилүү бир добуш саны болот. Бир штатта 1% менен жеңишке жетишкен талапкер ошол штаттын бардык добушуна ээ болот. Мисалы, эгер штаттын 2 миллион жашоочусу болсо, ал штаттын шайлоочулар коллегиясында 20 добуш болот. Эгер ушул штатта талапкерлердин бири 51% ал эми экинчиси 49% добушка ээ болсо, 51% добуш алган талапкер шайлоо коллегиясында ушул штаттын бардык 20 добушуна ээлик кылат. Тактап айтканда 51% алган талапкер өзүнүн ээ болгон 11 добушуна эле ээлик кылбастан, 49% алган талапкердин 9 добушуна да ээлик кылып, бул штаттын 20 добушуна толук ээ болот.

Мына ушундайча, талапкерлердин бири шайлоочулар тарабынан көп добушка ээ болсо да, бирок шайлоочулар коллегиясында көп добушка ээ

болбой калат. Мындай абал штат жашоочуларынын көптүгүнө жана анын шайлоочулар коллегиясында канча добушка ээ болушуна, ошондой эле, ошол штатта талапкердин атаандашына салыштырмалуу жеңишке жетүүсүнө байланыштуу болот.

Ал эми жалпы сурамжылоолорго келе турган болсок, анда шайлоочулар коллегиясынын добушу эмес, элдердин добушу эсептелет. Ошондуктан, биз жогоруда баяндап өткөндөй, көпчүлүк элдин добушу шайлоо коллегиясынын көпчүлүк добушуна тескери келип калат. Мындай абал биз күбө болгондой иш жүзүндө жүз берди. Клинтон жалпы элдин көпчүлүк добушуна 60 556 142 (47,6 %)га ээлик кылды. Бирок шайлоочулар коллегиясында 232 добушка ээ болду. Ал эми Трамп жалпы элдин азыраак добушуна 60 116 240 (47,3%)га ээлик кылды. Бирок шайлоочулар коллегиясында 306 добушка ээ болду... ( Америкадагы президенттик шайлоо 2016. 08. 11)

Бул бир тараптан болду. Ал эми башка тараптан алсак, талапкерлердин саясий, финансы, коопсуздук жактан таасирдүүлүгү о.э. талапкерлердин эч бир нерсени эсепке албастан иштеткен айла-амалдары да роль ойнойт. Бул иш-аракеттердин баары шайлоочуларды бир тарапка буруп жиберүүгө өбөлгө болот. Мисалы, Клинтонго карата иштетилген айла-амал шайлоодо таасир берди. (ФБРдин экс-директору Жеймс Коми шайлоого он бир күн калганда Клинтондун электрондук баракчасына байланыштуу жаңы иликтөөнү жарыя кылды... («Би Би Си арабий» 2016. 11. 13) Клинтон буга карата билдирүү да берди. «Менин тышкы иштер министирлигин аркалап турган чагымдагы электрондук баракчама байланыштуу иликтөөнү Жеймс Коминин шайлоо алдында жарыялоосу шайлоо кампаниясына катуу таасир этти». Ал кошумчалап дагы мындай деди «Жеймстин шектенүүлөрүнө эч кандай негиз жок жана алар чындыкка дал келбейт. Анын мени айыптай турган бир да далил таба албаганы белгилүү болду. Бирок ал шайлоо натыйжаларына кыйыр түрдө таасир берди» (Би Би Си: 2016. 11. 13). Кийин республикачылар – демократтардын башкаруу доорунда Американын эл

аралык майдандагы даражасы түшүп кетти, ошондуктан, аны куткарып калуу үчүн ал өзгөрүүлөргө мухтаж – деген абалды да жаратышты. Мисалы, өткөн март айында жана сентябрь айында мурунку вице-президент Дик Чейни жана анын Америка коргоо министрлигинде жооптуу кызматтарда иштеп келген эжеси Лиза Чейнилер жазган «Америкага дүйнө мынчалык мухтаж» деген китептен үзүндүлөрдү жарыя кылышты. Анда мындай деп келет. «Тилекке каршы, күн санап теroризм коркунучу күчөп, биз чоң коркунуч алдында турганыбызда, Обама күч түзүмдөрүбүздү кыйла алсыратып, союздашарыбыздан кол үздү. Душмандарыбыз бизге каршы батына баштады». Бул аракеттер өз кезегинде ар бир талапкердин жашыруун финансылык чөйрө жана саясий чалгындоо таасирлерине кошумча дем-күч болду! Кийин яхудий лоббилеринин добуштарына ээ болуу аракетин ишке салышты. 2016. 05. 11 «Израиль бүгүн» деген сайттын электрондук баракчасында жарыяланган Трамптын билдирүүлөрүндө, «Трамптын илгертен Ираилди жакшы көрөрү баса белгиленип» мындай делген: «Биз Израилди коргойбуз, силер эсиңерден чыгарбагыла, Израиль аймакта биз үчүн зор үмүттүн чеби. Ошондуктан, Израиль өтө маанилүү». Ошондой эле ал Америка элчиканасын Тель-Авивден Иерусалимге (Куддуска) көчүрүүгө убада кылган

2 – Капиталисттик өлкөлөрдө, айрыкча, Америкада шайлоо кампанияларында талапкерлер бири-биринин «кирин жышып чыгарууну» мүмкүн болушунча ишке салышат. Алар бул жаатта бири-биринин абийирин төгүү, сөгүү, каталарын чукулоо сыяктуу паскечтиктерде ат салышат. Бул жолкусу болсо мурункуларынан ашып түштү. Бул шайлоо талапкерлеринин деңгээлинин төмөндүгү, жеке шахска асылышып, бири-биринин айыбын чукугандыгы менен белгилүү болушту. Бул талапкерлердин бирөөнөн да Америка башында үйүлүп жаткан көйгөйлөрдүн чечимдерин көтөрүп чыкканы көрүнбөдү. Америкалыктар кайсынысы кайсынысынан жаманыраак экендигин айырмалай албай калышты. Мындай абал Американын кулап бара

жатканынан кабар берет. Ошону менен бирге эле, Американын ички-сырткы, экономикалык көйгөйлөрү үйүлүп калган. Буга кошумча, Америка коомчулугунда бөлүнүп-жарылуулар да бар экенин жана анын канчалык терең экендигин Трампка карата билдирүүлөрдөн кеңири көрүүгө болот. Трамптын партиялашы, мурунку тышкы иштер министири Колин Пауэлл Трампты мындай сыпаттады: «Бул улуттук ар-намыска шек келтирген эл аралык жактан обочолонуп калган адам» (Би би си арабия 2016. 09. 14 ). Ал эми Хиллари Клинтонду болсо кээ бирөөлөр «мамбашчылыка жарабай турган таштанды» катары да баалап жиберишти. Буга анын тышкы иштер министри болуп турган кезинде жеке электрондук баракчасы аркылуу жашыруун маалыматтарды жөнөткөндүгү жөнүндөгү кабарлар жарыкка чыккандыгы себеб болду. «Американын ФБР кызматы Америка мамбашчылыгына талапкер Хиллари Клинтонду – анын Америка мамкатчысы болуп иштеп турган чагындагы жеке электрондук барагындагы маалыматтары тууралуу суракка алды. Адилет министирлиги Хилларинин бул кайдыгер иштеринде кылмыш изи бар же жок экенинин караштырды». (Би Би Си арабия, 2016. 07. 02) Мына ушул Американын жүзтөмөн кулап бара жатканынын белгиси. Ал Американын Хиллари менен Трамптан башка татыктуу талапкер таба албай калганында. Бул экөө алардын назарында татыктуу деп табылып жатканында. Бул дегени Американын жакынкы аралыкта кулоо дооруна карай сүңгүшүнөн кабар берет. Бул шайлоо айлампаларында талапкерлердин бири-биринин «кирин чыгаруу» тарабынан болду...

Ал эми талапкерлердин билдирүүлөрү канчалык деңгээлде ишке ашарына келсек, ал республикачылардын бой көтөрүп текеберленишине жана демократтардын митайымдык кылып алдашында жатат... Ар бир талапкердин шайлоодо берген билдирүүлөрү утуп чыкандан кийин ал билдирүүлөрдүн ишке ашып кетишинен кабар бербейт. Буга бүткүл дүйнө жүзү күбө болду. Мисалы, Обама шайлоо маалында толтура убадаларды

берди. Гуантанамону жабам деп убада берген эле, Обаманын акыркы мөөнөтү бүтүп баратат, бирок «Гуантанамо» болсо дагы деле иштеп жатат! Ушул сыяктуу, Трамп да өз билдирүүлөрүндө сөз менен ойноду:

–Трамп 2015-жылы декарбда «жалпы мусулмандардын Америкага кирүүсүнө тыюу салууга, алардын динин айырмалап бере турган документтин болуусуна жана алардын толук маалыматын камтыган өзүнчө маалымат базасын түзүүгө, ошондой эле, мечиттерди тыкыр көзөмөлгө алууга чакырык таштаган» (Би Би Си 2015. 12. 17). Бирок, кийин ал бул убадасы тууралуу «ал болгону сунуш гана болчу...» деп тим болду (Аль жазира нет 2016. 11. 11). Бирок, келечекте мунун сөзү аткарылбай калса да, тилекке каршы, мусулмандарга карата кысым, коркутуп-үркүтүү ыкмалары ишке салына берет.

–Иран өзөктүк планы боюнча. Трамп бул келишимди жокко чыгарарын билдирди. Бирок андай кылып жибериши күтүлбөйт. Анын Иранга карата катуу позицияда болумуш этип көрүнүүсү – элдерде ал Иранга каршы экен деген алдамчы түшүнүктү пайда кылат. Ушул эле учурда, ал Иран Американын кареги менен тең айланарын жана анын саясатынын негизинде жүрөрүн жакшы билет. Ал өз сөзүнө өзү каршы иш кыларын да билет. Бул билдирүүлөрүн каршылаш тараптарын коркутумуш этүү жана мурунку башчылар кыла албаган нерсени кыла алам деген түр көрсөтүү иретинде, америкалыктардын туйгуларын козгоо үчүн жасады. Мындай ыкмаларды Трапм адаштыруучу ыкма катары колдонду.

Президенттикке тандалып алынган Трамп «CNN»ге берген маегинде Америкадагы үч миллион мыйзамсыз мигранттарды Америкадан чыгарарын билдирди... дагы кошумчалап: «Биз келечекте эмне кылабыз! Кылмышка шектүүлөрдү, кылмыштуу топторду, наркобарондорду өлкөдөн чыгарабыз. Алар эки же үч миллион болушу мүмкүн, аларды биз келечекте өлкөдөн чыгарабыз же түрмөгө отургузабыз. Алар бул жерге мыйзамсыз киргендер», - деди. Сөзүн улап дагы мындай деди: «Чек ара бекитилгенден кийин

иммигирация жооптуулары Америка ичиндеги мыйзамсыз мигранттар тууралуу жана Мексика менен Америка ортосунда дубал тургузуу маселеси жөнүндө токтом кабыл алат». Трамп дагы кошумчалап: «Чек арага курула турган дубал толугу менен таштан болбошу ыктымал. Анын кээ бир бөлүгү коргондор менен, кээ бир бөлүгү учурга ылайыктуу тосмолор менен тосулушу ыктымал. Мен бул жаатта чебермин», - деди ( Аль-хурату 2016. 13. 11).

–Мындан көрүнүп тургандай, Трамп өз билдирүүлөрү менен ойноп жатат. Үч миллион мигрантты жалпысынан айтып, анан кайра аны өз-өзүнчө бөлүп айтып. Чек арадагы дубалды таштан деп айтып, анан кайра анын кээ бир бөлүгү таштан, кээ бир бөлүгү тосмодон болот деп, сөз оюнун ойноду. Ошондуктан, Трапмтын бул ыкмасы каршылаш тараптарды коркутутуу жана андан кайра кайтуу ыкмасы экендиги көрүнүп турат.

–Трамп НАТО боюнча берген мурунку билдирүүсүндө «НАТО өз пайдалуулугун жоготту» деген. «Эгер европалык союздаштары НАТО бюджетиндеги каржылык салымын толук сактоо жолу менен Орусия агрессиясына каршы тура алса, Вашингтон Европа тарабында туруп кийлигишерин» белгилеп өткөн («AFP» Халиж гезити, 2016. 11. 11 ).

Кийин болсо, ушул маселе боюнча учурдагы президент Обама: «Трамп НАТОнун күчтүү бойдон калуусун колдоорун» билдирди. (Би Би Си арабия 2016. 11. 14).

3 – Ал эми, Америка үчүн негизги маселелер боюнча Трамптын учурунда андан мурунку президент ишке ашырып жаткан саясат өзгөрүшү күтүлөбү дегенге келсек, мында саясаттын негизи да, багыты да өзгөрүүсү күтүлбөйт. Болгону, ыкмалар гана өзгөрүшү мүмкүн. Америка системасы көптөгөн мекемелер аркылуу көзөмөлдөнүп барылат, алардын ар биринин күчөп, алсызданып тура турган ыйгарым укуктары бар. Мисалы президент, анын администирациясы, Пентагон, конгресс, улуттук коопсуздук кеңеши, коопсуздук кызматы... мына ушулар Американын негизги саясатынан

алыстап кетпешин көзөмөлдөп турат. Бул тунук болушу үчүн, аны суроодо келген Сирия маселеси аркылуу карап чыгабыз:

–Обама жең ичинен Башарды колдоого алды. Бирок муну жарыя кылбастан, балким, Башар үчүн Сирияда келечек жок... Башар менен сүйлөшүүгө болбойт... Башардын сүйлөшүүлөргө катышуусуна тосуктар жок, бирок анын убактылуу өкмөттө орду жок... Башардын убактылуу өкмөттө болуусуна тосуктар жок, бирок, убактылуу өкмөттөн кийин Сирия өкмөтүндө орду жок... Акырында, Башардын президенттик шайлоого катышуусуна тоскоолдук жок! деп, билдирүүлөрдү берип жатты. Ал эми Трамп мунун баарын бир эле сөз менен балп эттирди: «Терооризмге каршы күрөшүү – бул Башарды эмес, терроризмди жок кылууга каратылган». Гардиан газетасы мындай деди: «Трамп Сирия кризисин чечүүдөгү анын абзел туткан саясаты – Сирия жана Орусия менен союздаш иш алып баруу аркылуу ИГИЛди биротоло талкалоого каратыларын кайрадан баса белгиледи». Уолт Стрит журналы «Трамп Асадды жакшы көрбөшүн, бирок анын режимин күчөтүү аркылуу Америкага коркунуч туудуруп жаткан, Сириядагы жарандык согуш эсебинен өсүп жаткан экстремизмди жок кылуу эң абзел жол экенин белгиледи» – деп жарыялады. (Аль-жазира 2016. 11. 13). Трамп өткөн июль айында «Нью-Йорк таймс» гезитине берген маегинде Сирия кризиси тууралуу пикирин билдирип: «Биз Асаддан мурун ИГИЛден кутулушубуз керек» - деген. Ал эми шайлоо айлампасы учурунда, Трамп Сирия менен Иракка ИГИЛге каршы күрөшүү үчүн он миңдеген АКШ жана НАТО аскерлерин жибererин убада кылды. «Анба явм» кабар агентиги 2016-жылдын 4-ноябрында Трамптын билдирүүсүн басып чыкты: «Биз аскерий кубатыбызды Америка жарандарынын коопсуздугун камсыздоо үчүн зарыл учурда колдонобуз». Бул сөздү Трамптан мурунку Америка башчылары да айтышкан эле. Алар Америка коомуна коркунуч жаралды деген шылтоо менен, эч уялбастан, аны карандай калптан токуп чыгып болсо да, жырткычтарча душмандыктарын ишке ашырарына тарых күбө!

–Ошондой эле, Обама оор курал-жарактарды Сирия оппозициясына берүүнү тыйып, себебин террористердин колуна түшуп калат деген шылтоо менен байланыштырган эле. Трамп болсо опозицияга курал-жарак бербешин – ал куралдар террористердин колуна түшөбү-түшпөйбү айырмасы жок – бир ооз сөз менен дагы балп эттирди. Гардиан гезити Трамптын «Американын Сирия оппозициясына колдоосу бүткөндүгүн жана Сирия оппозициясы Америкадан жардам сураса да, курал-жарак берүү ниети жок экендигин» билдирген сөзүн басып чыккты. (Аль-жазира 2016. 13. 11).

–Обама Европаны Сирия маселесинен алыстатты. Кийин Лозаннадагы жыйынга да чакырбады. Акыркы күндөрү аларды ыраазы кылып коюш үчүн, ач курсакты тоюндурбаган жыйынга чакырып койду... Трампты болсо аларды ыраазы кылуу кызыктырбады. Балким, аларды теңине албастан, алардын кайтарып берер Жоопун да көңүлгө албастан, аларга карата ач айкырык салууда. Франция президенти Олланд Трамп тууралуу мындай деди: «Ал менин көнүлүмдү айнытат». Британия ТИМи Борис Жонсон болсо Трампты «таптакыр башкача» деп сыпаттады. Италия өкмөт башчысы Ренци болсо, Трампты «коркунуч саясатын таратуучу» деди. Евро парламентин төрөгасы Мартин Шульц «Трамп Европага эле эмес, бүткүл дүйнө жүзүнө коркунуч» деди. (Шаркул авсад гезити 2016. 11. 11) Германия коргоо министири Урсула Фон Дер Ляйен 2016-жылдын 11-ноябрында Zed TV. De. F немис телеканалына берген маегинде, Трамптын «Эгер европалык союздаштары НАТО бюджетиндеги каржылык салымын толук сактоо жолу менен Орусия агрессиясына каршы тура алса, Вашингтон Европа тарабында туруп кийлигишет» деген билдирүүсүнө жооп берип мындай деди: «Өткөндүн эч кандай кыйматы жок деп айтууңуз мүмкүн эмес. О.э. шериктеш болуп иштешүүнүн да зарылчыгы жок деп, анын эсебинен НАТО уюму аркылуу акча иштеп калууңуз да мүмкүн эмес. Анткени, НАТО соода уюму же компания долбоору эмес» (Рейтерс 2016. 11. 10).

–Обама Сирияда жырткычтарча кыргын кылууда Орусияга таянды. Бирок, Орусиянын Сириядагы кыргынына каршы «крокодил көз жашы» сымал билдирүүлөрдү берди! Ал муну менен оппозицияны алдады... Трамп болсо Орусияга ачыктан-ачык таянарын билдирди. Путинди Обамадан, Клинтондон да алдыга коюп мактады! Ал мындай деп айтты: «Путин биздин мамбашчыбызга караганда бир кыйла жектекчи адам...» ( Би Би Си арабия 2016. 11. 14). Трамп дагы: «Путин Клинтонго караганда акылдуу. Клинтон Сирияда Путинден жеңилди» – деди. (Скай ньюс арабия 2016. 10. 20 ). Мына ушундайча Обама да, Трамп да Америка кызыкчылыгын ишке ашыруу максатында Орусия менен ар түрдүү ыкмалар аркылуу иштешип жатат. Бул иштешүүдө аларга СССР сыяктуу ири мамлекетке айланууну эңсеген Орусиянын чолок кыялы жардам берүүдө. Трамптын жеңиши жарыяланган учурда Орусия парламентинин кол чаап куттуктоосу Орусиянын аңкоолугун дагы бир жолу тастыктады!

Ушулардан айкын болгондой, Американын саясатындагы негизги сызык – республикачылар болобу, демократтар болобу – айырмасы жок, өзгөрбөйт. Болгону, ыкмалар гана өзгөрөт.

Мунун себеби, эки партиянын жаралуу дооруна барып такалат. Республикачыл партия «демократия» деп эле айкыра бергенди анча жактыра бербейт. Ал көбүнчө текебердик, кекирейүү жолун тутунат. Бул партиянын көпчүлүк бөлүгү ушул чөйрөдөн куралган жана дагы деле партияда ушул чөйрөнүн адамдары үстөмдүк кылат.

4 – Мындай «өгүз өкүрүк» идеясы көбүнчө күчкө таянган, өлтүрүү, кыргын, сүргүн, жардыруу, тартып алууга ыктаган адамдарда кездешет. Мындай адамдардын оюнда эч ким аларга каршы чыкпай, атаандашпай, балким, кыңк этпей аларга гана моюн сунушу керек. Бейкүнөө адамдарды өлтүрүү алар үчүн кылмыш эсептелбейт. Алар өздөрүн гана кожоюн деп билишет. Курал колдонууну жана аны каалганына каалгандай колдонууну эң жакшы билишет. Биринчи күнү АКШ сенаты демократтардын «курал сатып

ала турган кишинин психологиялык жактан жана кылмыштуулук таржымалы иликтенишин дагы да кеңейтүү» сунушун четке какты. Республикачыл сенаторлор 2016-жылдын 20-июнунда демократтар жылдар бою даярдап келген сунушка каршы добуш беришти. Добуш берүүнүн жыйынтыгы 44 колдоп, 56 каршы добуш берүү менен аяктады ( Россия сегодня 2016. 06. 21). Мына ушундайча республикачылар куралга ээ болуу жолдорун жолго салууну каалашпайт. Анткени, республикачылар партиясына курал өндүрүп чыгарган лоббилер кожоюндук кылышат. Мына ушул өңүттөн алар Трампты күчтүү шахс катары алып келишти. Трамптын «өгүз өкүрүгү» аркылуу Американын жоголуп бараткан айбатын калыбына келтиришмекчи. Ал өзү айтмакчы «мен алдын ала ал адам тууралуу бирөө бир нерсе айта албай тургандай адам болгум келет» (Рейтерс 2016. 11. 10). Кийин Америка саясатын башкалар кабыл алуулары жана ага каршылык билдирбей кыңк этпестен моюн сунуулары үчүн, аларды коркутуу ымасына өтөт. Мына ошондуктан, Трамптын билдирүүлөрү чар тарапты өзүнө каратты! Ислам жана мусулмандарга ачык душмандыгын көрсөттү... Кытай жаатында бир аз жумшарууга барды... Түштүк Корея, Саудия, Иран сыяктуу малайларына да кабагын салды... Европага карата ач айкырыгын салып, өзү билемдигин көргөздү! Бул бой көтөрүү жана тебердик ыкмасынан болду. Ошондой эле, эки орунда соода ыкмасын да ишке салды. Биринчи орунда пайда табууну көздөдү. Экинчи орунда Америка утушка жетишин максат кылды. Бул эки орун анын билдирүүлөрүнөн анык көрүнүп турат.:

–Саудия бай өлкө, анын саясий жана коопсуздук жагы биз тараптан камсыз болгондуктан, ал бизге акча төлөшү керек. Ал мындай деди: «Саудия жакында кыйынчылыкка учурайт. Ал биздин жардамыбызга муктаж болот. Эгер Америка болбогондо, Саудия болмок да эмес жана ал дагы жашап кетиши үчүн бизге мутаж...» (NBC каналы 2016. 08. 19). Бул Американын өзүм билем талап-тоноочулугуна жана Саудиянын Америкадагы казыналарын толук тартып алууга болгон кадамы. Мындан башка дагы,

Америка конгресси «Gasta» аталышындагы мыйзам кабыл алды. Ал мыйзамдын негизинде Саудия 2001-жылдын 11-сентябрында болгон Нью-Йорктогу соода борборундагы жардыруулардын компенсациясын төлөп бермекчи.

–Трамп шайлоо кампаниясы маалында, Түштүк Корея акыркы мезгилдеги аскердик чоң көлөмдөгү чыгымды төлөбөгөндүгү себебтүү, Түштүк Кореядан Түндүк Корея корунучунан сакташ үчүн койулган 28500 Америка аскерин чыгарып кетүүгө кызыкдар экендигин да билдирди.

–Европадан НАТОнун негизги чыгымдарын төлөөнү талап кылып мындай деди: «НАТО өз пайдалуулугун жоготту». «Эгер европалык союздаштар НАТО бюджетиндеги каржылык салымын толук сактоо жолу менен Орусия агрессиясына каршы тура алса, Вашингтон Европа тарабында туруп кийлигишет» ( AFP Халиж гезити 2016. 11. 11).

–Климат боюнча мындай деди: «Айлана-чөйрөнү коргоо деп компаниялардын иштеп чыгаруусуна чектөөлөрдү коюу – алардын ааламдагы атаандаштыкка катышуусуна кедергисин тийгизип жатат». Климат өзгөрүп жатат дегенди жөн эле алдамчык катары баалады. Мына ушундайча Трамп жана анын тарапташтары акчаларды ушундай жолдор менен тартып алууну баштагандыгын көргөзүп турат.

5 – Ал эми демократтарда болсо, алдамчылык жана демократия деп куу сүрөөн салуу устөмдүк кылат. Англис ыкмаларын колдонууга басым жасайт. Ал сүткө уу кошуп берип, күлүмсүрөп карап турат. Республикачылар түздөн-түз азуу менен өлтүрүүнү ыкма катары колдонсо, демократтар кебез менен мууздайт... Ошондуктан, демократ башчылар карапайымдарды алдап ээрчитип кеткенге маш. Мунун каршысында республикачылар алдап олтурушпайт, душмандыгын ачык көргөзүшөт. Алыс барбай эле, жакынкы аралыктагы Америка башына келип кеткен Америка мамбашчыларынын тарыхына кайрылсак, бул нерсе айдан ачык болот. Рейган, Никсон, чоң Буш, кичи Буш – баардыгы республикачылардан. Алар айрыкча Ислам жана

мусулмандарга каршы азуу тиштерин жана текеберликтерин ачыктан-ачык көргөзүштү. Кенеди, Картер, Клинтон, Обама – баардыгы демократтар. Алар Ислам жана мусулмандарга карата айла-амал, адаштыруу, чалгытуу ыкмаларын иштетишти. Буш «кресттүүлөр жортуулу» деп айтса, Обама Каирде Кураан аятын келтирди. Негизи, экөө тең Ислам жана мусулмандарга каршы душмандык кылышат! Ошондуктан, биз жогоруда айтып өткөндөй, демократ башчылар карапайымдарды алдаганга абдан маш келишет. Ал эми республикачылар болсо, алдаганга баш катырып отурбастан, ачыктан-ачык душмандыгын көргөзүшөт.

6 – Биздин айткандарыбыз булардын шайлоо алдындагы көрнөк-жарнак чакырыктарында да чагылдырылган. Тээ 1870-1874 жылдары, теги Германиялык болгон америкалык Томас Насттын Америка карикатурасында да бул айырмачылык даана чагылдырылган. Ал карикатурада арстандын кебетесин кийген эшек айланасындагы айбанаттарды коркутуп жаткандыгы жана алардын арасындагы чоң пил айланасында эмне болсо анын таш талканын чыгарып жатканы чагылдырылган. Кийин эшек демократтардын символу болуп, пил республикачылардын символу экени чагылдырылган. Ушул эки символ бул эки партиянын элесин чагылдырып турат. 2008-жылкы шайлоо кампаниясында эки сүрөт чыккан. Алардын биринде эшекке демократтардын урааны жазылып, анын үстүнө сары көйнөкчөн аял (Хиллари) минип, анын артына кара күрөң тустөгү бала (Обама) учкашып, экөө узун таяктын башына байланган сабизди эшекке берип жаткандыгы тартылган. Бул сүрөт демократтардын шайлоо кампаниясы маалында «кызыктыруу жана коркутуу» стратегиясын чагылдырган сүрөт эле. Мунун каршысындагы экинчи сүрөттө, республикачылар талапкерлери Жон Маккейн жана Митти Ромнинин пилге минип, жоон таяк менен аны уруп жатышкандыктары чагылдырылган. Бул сүрөт неоконсерватор республикачылардын шайлоо компаниясы алдындагы «чечкиндүүлүк жана күчкө салуу» стратегиясын чагылдырган сүрөт эле.

Мына ушундайча республикачылардан чыккан Трамптын ураандары жаңылык эмес, ал баштапкыларынан айырмаланбаган ураандар. Болгону, шахсий гана өзгөчөлүктөр бар болбосо, жалпысынан республикачылардын стратегиясы сакталат. Ошондуктан, ар бир партиянын талапкерлери өзүнүнүн шахсий өзгөчөлүгүнөн башкасында жалпы жөнүнөн партиянын стратегиясына ылайык иш алып барат.

**Корутунду:**

а) Обама алып барган Америка саясаты Трамп учурунда көңүл бурарлык деңгээлде өзгөрбөйт. Балким, кандай болсо ошондой бойдон улантылат. Айрыкча, Сирия кризиси жаатында, Ислам жана мусулмандарга карата да – республикачы же демократ болобу – айырмасы жок, өзгөрүүсүз калат. Анткени, Американын саясаты ыйгарым укуктары күчөп-азайып турган Америка мекемелери аркылуу көзөмөлдөнөт...

б) Шайлоо кампаниясы алкагындагы берилген билдирүүлөр эл аралык же сырткы алакаларда аткарыла берет дегенди түшүндүрбөйт.

в) Америка өзүнүн системасына каршы болгон мусулмандарга карата жана Европага карата да Орусияны ишке сала беришин келечекте дагы улантат. Анткени, Америка Европаны, өздөрү айткандай, «Америка – агасы, Европа – иниси» болгон абалга кайтарууну каалайт. Америка таасири бар аймактарда анын саясатына каршы чыгып, аны ташбишке сала берүүдөн Европаны токтотууну каалайт. Ошондой эле, Америка Европанын өз алдынча саясий, экономикалык жана аскерий күчтүү вужудга айлануу аракетинен кол жуудурууну да каалайт.

г) Американын азыркы жаңы стратегиясы өзү душман деп эсептегендин баарын коркутуп-үркүтүүгө негизделген. Ошондой эле, текебердик, теңсинбөө ыкмасын ишке салат. Ошондуктан, өзүн сыйлаган мамлекет Америкадан коркпостон, анын кысымына баш ийбестен, аны менен теңтайлаш саясат алып барып, аны аймактардан чыгарып жибергенге аракет кылышы зарыл. Анткени, Амеркиканын буркан-шаркан көрүнүп жаткан

стратегиясы, түпкүлүгүндө, «өзү сайда, көзү айда» абалында. Америка Буштун маалында, өзүнүн туу чокусуна жетип турган мезгилинде, Франция башка өлкөлөр менен биргеликте ага каршы ок түзгөн жана ал аркылуу Америкага таасир бере алган. Азыр ал жүз төмөн кулап бара жатканда, мындай кылуу андан да жеңил?!

д) Трамп башчылыгындагы Америка администрациясы келечекте жулуп алуу ыкмасын ишке салат. Анын мындай кылары Трамптын билдирүүлөрүнөн ачык көрүнүп турат. Ал айрым бир өлкөлөрдү ачык эле тоной баштайт. Американын мындан башка айласы да калбады. Ошондуктан, башка мамлекеттер мындай ыңгайлуу учурдан пайдаланып, Американын жулуп алуу ыкмасына моюн сунбашы зарыл, тескерсинче, ага каршы массалык пикир пайда кылып, ага тең ата саясат алып баруусу керек.

е) Ал эми козголоң кылып жаткан Исламий Үммөт – бул Американын кекиртегине сайылган бирден бир найза жана ага каршы күрөшүүдөгү омуртка-бел. Бул козголоң Американы түшүнөн чоочута турган болду. Ошондуктан, Исламий Үммөт козголоңун, күрөшүн улантышы зарыл. Америка эле эмес, бардык колонизатор күчтөр Аллахтын жардамы менен жеңилет. Ооганстан, Ирак кумдарында Американын мурду жер сайды... Билип койгула, Американын абалы мына-мына үзүлөйүн деп калган жөргөмүштүн желесинен да алсыз. Анткени, ал кулоого көздөй бет алган. Бирок Үммөт Америка малайларынан сак болуулары керек. Мына ушулар Американын мусулман жерлерине бут коюусуна өбөлгө жаратып бергендер. Үммөт чыныныгы куткарууга, азат кылууга алып бара турган аң-сезимдүү калыс адамдар тарабына өтүп, аларга бул иште жардам берүүлөрү ваажиб**.**

***«Силер адамдар үчүн чыгарылган үммөттөрдүн эң жакшысы болдуңар: маъруфка буюрасыңар, мункардан кайтарасыңар жана Аллахка ыйман келтиресиңер. Эгер ахли китаб да ыйман келтиргенде өзүлөрү үчүн жакшы болмок. Алардан муминдери да бар жана*** *(бирок)* ***алардын көпчүлүгү итаатсиз кимселер»*** [3:110]

**«... кийин жабыр көрсөтүүчү падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизинде Халифалык болот».** (Абу Дауд)... Бул болсо Аллахка таптакыр кыйын эмес.

**18-ноябрь, 2016-ж.**

## Америкада кеңири көлөмдө болуп жаткан митингдер жана анын Америка тышкы саясатына тийгизген таасири

**Суроо:** *Эки жумага жакын убакыттан бери Америка Кошмо Штаттарынын айрым аймактарында ири наразычылык акциялары жүрүп жатат. Буга зордук-зомбулук, дүкөндөрдү тоноо жана полиция бөлүмдөрүн өрттөө да кошул ташыл болду. Америкада кара кишинин өлтүрүлүшү наразычылык акцияларынын тутанышына негизги түрткү болдубу? Акыркы бир нече жылда мындай окуялар болуп эле келе жаткан, бирок мындай наразычылык акциялары болгон эмес! Америкадагы мындай ири көлөмдөгү наразылык акцияларынын Американын тышкы саясатына кандайдыр бир кесепеттери барбы?*

**Жооп:** Жогорудагы суроолордун жообу айкын болушу үчүн төмөнкүлөрдү карап чыгабыз:

1 – Америка полициясы 2020-жылы 25-майда теги африкалык кишини өлтүрдү, ал Жорж Флойд Миннесота штатындагы Миннеаполис шаарынын тургуну болгон. Бул өтө оор кылмыш болду. Аны кармоо учурунда полиция полиция бөлүмүндө алган күч колдонуу билимин колдонду. Полиция анын мойнундагы күрөө тамырын тизеси менен кысып тогуз мүнөтчө жерге ныгырып турган, ал арада Флойд: «Мен дем ала албайм жатам», - үн каткан, бирок ага карабастан полиция күч колдонууну уланткан, натыйжада Флойд дем жетпей думугуудан мерт кетти. Бардык америкалыктар бул ыплас кылмышка күбө болушту. Америкалыктар полициянын кара түстөргө карата ырайымсыздыгын өз көздөрү менен көрүп күбө болушту. Эртеси күнү эле

шаарда адамдарга карата мындай ырайымсыз мамилени айыптаган демонстрациялар орун алды. Андан кийин Флойддун думуктуруп өлгөнгө чейин жерге ныгырылып жаткан видеосу соцтармактарда кеңири тарашы менен демонстрациялар Американын башка шаарларына да жайылды. Демонстрациялар Американын бир нече штатындагы 80ден ашуун шаарларына жайылды. Андан кийин бийлик көпчүлүгү зордук зомбулук, уурдап тоноо менен коштолгон демонстрацияны алдын алуу үчүн коменданттык саат жарыялады. Демонстранттар дүкөндөрдү жана полиция бөлүмдөрүн өрттөп жиберишкенде Америка полициясы демонстранттарга карата катаал мамиле колдонууга өтүштү. Ал ар кайсы шаарларда 4 миңден ашуун адамды камакка алышты. Бир нече кишинин өмүрү кыйылды жана Улуттук гвардия коопсуздукту орнотууга жана көчөнү көзөмөлдөөгө чакырылды. Балким, Америка армиясы Вашингтондо коопсуздукту орнотуу үчүн мурда Америкада болуп көрбөгөн иш жараянга тартылды. Президент Трамп демонстранттар Ак үйгө чабуул коюшу мүмкүн деген кооптонуу менен жер астындагы коопсуз жайга киргизилди.

2 – Америкадагы нааразычылык акциясынын көрүнүштөрү АКШнын ырааттуу келген өкмөттөрү мактанган ички стабилдүүлүктү бузду. Шаарды өрт чулгап, дүкөндөр тонолду, чакан полиция бөлүмдөрү талкаланды. Бул америкалыктарга алардын өкмөттөрү башка өлкөлөр үчүн илгертен бери жасап келген тозокту эскертти, Американын дүйнө жүзүнө карата колдонуп келген басмырлоосун жана кекирейүүсүн эсине салып коркутту. Бардыгын аң-таң калтырган көрүнүш болду: президент Ак үйдүн айланасында тынч митингге чыккандарга кутурган иттерди салуу менен менен эскерти, эгер алар зым тосмолор жана бетон дубалдар менен коргондолгон Ак үйдүн дубалдарына сокку урууга аракет кылышса, анда дүйнөдөгү эң коркунучтуу куралды колдоно тургандыгын да эскертти. Президент штаттын губернаторлорун өз штаттарында нааразычылык акциясына чыккандарды катуу жоопко тартууга үндөдү. Ал коопсуздукту күчкө салып сактоодо

Улуттук гвардияны колдонууну сунуштады. Эгер, полиция жана күзөтчүлөр коопсуздукту камсыздай албаса, АКШнын аскер күчтөрү 4 сааттын ичинде кийлигишүүгө даяр абалга келтирилди. Чындыгында, бул кадам артка кайтарылышынан мурда армия Вашингтонго жайгаштырылды. Себеби, Америка президентине карата Америка армиясын Америка элине каршы койуп жаткандыгы тууралуу кеңири сын-пикирлер айтыла баштаган эле. Экинчи жактан, ачууланган элди полиция да, сакчылар да, коронавирус коркунучу да токтото алган жок. Анын бир бөлүгү тынч мүнөздө, жарандык укуктарды талап кылып, киши өлтүргөн адамды жоопко тартуу жана полицияны реформалоо талаптары менен чыкты. Экинчи бөлүгү мамлекеттик мекемелерге, айрыкча полицияга кол салып, аларды өрттөп жок кылууну көздөп жатты. Үчүнчү бөлүгү талап-тоноо, уурдоо жана чагымчылык менен алектенди. Өз кезегинде, президент Трамп бул башаламандыктардын артында ультра солчул антикапиталисттик «Антифа» кыймылы турат деп жарыялады!

3 – Америка полициясынын вакыйы жана негизги таянычы кара калкты акаарат кылып басмырлоону адатка айлантып алган ак таяныч болот. Кара түстөгүлөрдүн көпчүлүгү полиция тарабынан өлтүрүлгөн. Бул окуялардын кээ бирлери Флойддун өлүмү сыяктуу документтештирилген жана сүрөттөлгөн. Мындай окуялар сейрек эмес, тескерисинче кайталанып турган көрүнүш. Америка Кошмо Штаттарында расалык дискриминация коомдо ачык байкалган жана көрүнүп турган көрүнүштөрдүн бири.

Бирок, Флойддун 2020-жылы 25-майда Миннеаполис шаарында өлтүрүлүшүндө Американын мамлекеттик органдарынын айрыкча кара адамдарга каршы жүргүзүп жаткан расалык дискриминация саясатына карата элдин нааразычылыгын кеңейткен себептер бар. Ал себептердин кээ бири эски, кээ бири жаңы:

а) Америка коомчулугунда аралашып камыр жумур болуп жашап кетүү жараянын ийгиликсиздиги:

Азыркы Америка коомчулугу расалык бөлүнү негизинде калыптанган. Атап айтканда, негизинен англистер, жалпысынан европалыктар Американын түпкү ээлери болгон миллиондогон индейлерди өлтүрүп жаңы колонияларды негиздешти. Жаңы колониялар үчүн кулдар зарыл болгондуктан, Африкадан кулдар алынып келинди. Американыктар африка тектүү адамдардын бардыгын кул катары көрүшөт. Бул кылымдар бою расмий болгон, анын аралыгында африкалыктар расалык сегрегацияга туш болушкан. Алар актардын фермаларында жана өндүрүш тармактарында мажбур иштешкен. 1790-жылдагы натурализация жөнүндөгү мыйзам актарга гана Американын жарандыгын алганга уруксат берген, кара кишилерди жаран катары таануудан баш тарткан. Африкалыктар 1860-жылдарда добуш берүү сыяктуу бир катар укуктарга ээ болушса да, расалык дискриминация Америкада жарандык согуш аяктагандан кийин да расмий саясат бойдон кала берди. ХХ кылымдын орто ченинен кийин «Жарандык укуктар» аттуу чоң кыймыл башталды жана Мартин Лютер Кинг Америкада каралардын лидери катары белгилүү болду. Натыйжада, каралардын америкалык жарандар катары толук укуктары расмий түрдө таанылган. Андан кийин, бул африкалыктар ата-энелери, чоң ата, чоң энелери жоготкон жарандык укуктарга жетиштик деп ойлошту. Бирок, бул нерсе америкалык актардын менталитетин өзгөрткөн жок. Алардын африкалыктарга карата көз карашы уланды, аларга каршы расисттик аракеттерди улантышты. Америка жетекчилеринин Америкада расизм доору бүттү деп жар салганына карабастан, ар кандай отчёттор Америкада африкалык тектүү адамдарга карата түптөлгөн расисттик көз караш терең тамыр жайганын көрсөтүүдө. Америкада кара адамдарга каршы расизмдин ачык-айкын бир көрүнүшү – каматарда ак түстөгү америкалыктарга салыштырмалуу кара түсөгү адамдардын көп. Каралардын арасында жумушсуздук жогорку деңгээлде. Америкадагы ак америкалык үй-бүлөлөрдүн орточо кирешеси кара америкалыктарга салыштырмалуу чоң жана ачык-айкын айырма бар.

Ошондой эле, кара түстөгүлөр көпчүлүктү түзгөн райондордо медициналык жана башка кызматтар жетишсиз. Ак түстөгүлөр жашаган элитный ройон катары саналган аймактарда медициналык кызматтар тиешелүү түрдө көрсөтүлөт, ал жердеги турак-жайлардын баасы да жогору.

б) Бийликке текчил Трамп администрациясынын келиши:

Президент Трампты колдоп-кубаттаган топ ак түстүүлөр башкалардан үстөм турат деп эсептешет. Ак үйгө Трамп келгенден тартып бул топтогулар башын көтөрө башташты. Алар Трампка өздөрүнүн улуттук лидери катары карашат. Алардын арасында бул тектик үстөмдүккө диний түс берген евангелист масихийлер да бар. Алар президент Трамптын мусулмандарга каршы экенин ачык билдиргенин, алардын айрымдарына Америка визасын алууга тыюу салганын, мексикалыктарга каршы билдирүүлөрдү берип жатканын, Мексика чегарасы бойлоп дубал куруу сыяктуу айрым пландарын, Кытайга каршы соода согушун жарыя кылганын, АКШ ичиндеги кытайларга каршы тукуруп коронавирусту кытай вирусу деп атап жатканын колдоп-кубатташты. О.э. бул топтогулар Трамптын 2017-жылы Виржиния штатындагы ашынган улутчулдардын демонстрацияларына тилектештик билдиргенин, этникалык азчылыктарга карата ар дайым акаарат айтып жатканын о.э. Флойддун өлүмү жөнүндө «кара адам» деп түшүндүрмө берип, АКШдагы «каралардын» демонстрациясын колдогон кыймылды бастыруу зарыл деген сөздөрүн колдоп-кубатташты. Ушулардын акыбети катары Америкадагы текчилдикке тукурган негизги фактор президент Трамп болуп калды. Ошондуктан, бул кимсе бийликте турганда Америкада кара түстүүлөргө, мусулмандарга, мексикалыктарга жана кытайларга каршы душманчыл аракеттер абдан курчуду... Бул этникалык азчылыктар америкалыктардан жумуштарды тартып алуу жана байлыктарына ээ болуп алуу үчүн келген бузгунчулар деп каралып... кийин Америка коомундагы көпчүлүк катмарларда текчилдик даана байкалып калды.

в) Коронавирустун АКШ ичиндеги акыбеттери:

Америкада Флойддун өлтүрүлүшүнө каршы нааразылыктарды дагы да күчөткөн себептердин бири – бул окуя коронавируска каршы көрүлгөн карантин чаралары менен бир убакытка туура келгени. Анткени, карантин чаралары америкалыктарды кыйла тынчсыздануууга салып койгон эле. Башка тараптан болсо, жумушсуздук деңгээли абдан жогорулап, америкалыктар өз келечеги үчүн кабатырланып калышты. Үчүнчүдөн, америкалыктар бийлик коронавируска каршы өз убагында күрөшүүдө ийгиликсиздикке учураганын көрүштү. Анткени, медициналык препараттардын жана жабдуулардын өтө таңкыстыгы билинди. Негизи, коронавирус соккусу Америкага Кытай жана Европадан кийин жетип келди, бул учур Америка үчүн пайдаланып калуу зарыл болгон мүмкүнчүлүк эле. Андан тышкары, АКШ администрациясы бул эпидемияга каршы күрөштө кесипкөйлүгүн көрсөтө алган жок жана бул нерсе Америкадагы расмий чөйрөлөрдө Трамп администрациясынын коронавирус кризисин чечүү ыкмасы жөнүндө бөлүнүүнү келтирип чыгарды.

Мамлекет ичиндеги оор жана маанилүү маселелердин дагы бири – Америка коому капиталисттик түзүмдүн бузгунчулугун болуп көрбөгөндөй сезе баштады. Себеби, Америкада байлык бир ууч капиталист элитанын пайдасына т.а. саясатка өз таасирин өткөргөн лоббисттердин кызыкчылыгына ылайык бөлүнүшү абдан кеңири түс алган. Мындай саясат бул элитанын салыктардан көбүрөөк бошотулушун камсыздады. Негизи, салыктын кырсыктуу бөлүгү орто жана чектелген киреше көргөн жарандардын мойнуна түшөт. Америкадагы бул нааразылыктар «Антифа» антикапиталисттик кыймылдын кубаты улам күчөп жатканын көрсөттү. Трамп аны террорчу уюмдардын тизмесине киргизүүнү талап кылды. Бул кыймыл 2008-жылдагы финансылык кризистен кийин капитализмдин негизги символу болгон Уолл-стриттеги фондулук биржаларды басып алууга чакырган... Кыймылдын тарапкерлери көбөйдү жана АКШ коомунда терең тамыр жайды... Капитализмге каршы ураандар да көбөйдү... Бүгүн бул

кыймыл демонстранттарды полиция участкалары сыяктуу мамлекеттик объектилерди өрттөөгө жана талкалоого тукуруп жатат деп айыпталып келет.

4 – Болуп жаткан окуялар АКШнын тышкы саясатына сезилерлик даражада таасир кылды:

а) АКШдагы бөлүнүү:

Трамп администрациясы 2017-жылдан бери Америка бекем бириккен мамлекет эместигин көрсөттү. Бир далай саясаттар америкалыктарды бөлүп салды, мисалы, согуштар саясаты, АКШнын дүйнөдөгү малайларына көрсөтүп жаткан эл аралык жардамдар саясаты, салык саясаты жана этникалык азчылыкка карата мамиле, иммиграция жана башка көптөгөн саясаттар. Бирок, Трамптын бийликке келиши бул өлкөдөгү бөлүнүүнүн негизги себеби болду. Бул кимсе абдан текебер, көйрөң, мансаппарас, парасаты төмөн, ички күрөштөрдү чыгарууга шыктуу, душманды жеңгенине ырахат алган киши. Ага мүнөздүү бул жана башка сыфаттар Американы Трамптын колдоочуларына жана каршылаштарына бөлдү. Анын администрациясында кызматтан бошотуулар жана отставкага кеткендер абдан көп болду, мурунку президенттер доорунда мынчалык болбогон. Бир тараптан коронавирус кризиси, башка тараптан президент менен штат губернаторлору ортосундагы жаакташуулар Америкадагы бөлүнүүнү дагы да кеңейтти. Бул бөлүнүү Американын саясий жана финансылык абалына терс сокку берип, бүткүл коомго таасир кылды. Бул президент жана анын администрациясы элдик демонстрациялар кризисине текчилдикке таянып жандашуусу өлкөдөгү бөлүнүү отуна май сээп ого бетер күчөтүүдө. Себеби, Трамп Флойддун өлүмүнөн кийин башталган нааразылык кыймылына каршы чыкты жана коопсуздукту күч менен орнотмокчу болду. Анын мындай позициясына демократтар менен штат губернаторлору гана эмес, ал тургай, коргоо министри да каршы чыкты. Коргоо министри президент Ак үйдүн жанындагы чиркөөнү зыярат кылганда аны менен бирге болгону үчүн кечирим сурады. Анткени, президенттин келишинен мурун полиция

демонстранттарды аянттан кууп чыгарган эле. Трамптын бул аракети саясий үгүт катары бааланды. Төмөндөгү кабар ушул ички жаңжалдарга жаркын мисал болот: «Американын мурунку коргоо министрлери, ондогон аскерий жана жарандык жогорку кызматтагылар билдирүү беришип, президент Трампты демонстранттарга каршы армияны ишке салуу пикири үчүн президенттик антты жана конституцияны бузду деп айыптап чыгышты. Бул петицияга кол койгондордун арасында мурунку коргоо министри Жеймс Мэттис да бар». (Аль-Жазира, 07.06.20). Бул каршылыктар мурунку министрлер менен эле чектелип калган жок, а түгүл, азыркы министрлерди да өз ичине алды. Жогорудагы булакта дагы мындай делет: ««CNN» маалымат агенттиги АКШ коргоо министрлигиндеги (Пентагон) бир расмийдин сөздөрүн жарыялады. Ага ылайык, президент Дональд Трамп борбор калаа Вашингтонго жана башка шаарларга он миң аскер жайгаштырууну талап кылган. Вашингтондо, Америка менен Европанын башка шаарларында полициянын зомбулугуна жана расалык дискриминацияга каршы өтүп жаткан массалык демонстрациялардын тушунда коргоо министри Марк Эспер менен АКШ башкы штабынын жетекчиси Марк Милли Трамптын бул талабына каршы чыгышкан. «The New Yorker» журналы Ак үйдөгү булакка таянып ачыкташынча, президент Трамп менен генерал Марк Милли ортосунда талаш-тартышуу болуп өткөн. Журнал маалымдашынча, генерал Милли Трамптын демонстрацияларды бастыруу үчүн көчөлөргө армияны жайгаштыруу талабына кыйкырып каршылык билдирген. Милли армияны көчөлөргө жайгаштыруу мыйзамга карама-каршы келет деп эсептейт».

б) Президенттик шайлоонун мөөнөтү:

Бул да маселени курчутуп жаткан нерселерден. Бул нааразычылык акциялары демократтардын талапкери Жо Байдендин менен республикачыл Трамптын шайлоо өнөктүктөрү менен бир убакта болду. Президент Трамп президент катары келечегине өтө тынчсызданып турат. Ал ушул жылдын

ноябрында кайрадан шайланууну каалайт. Негизинен, бул маселе анын биринчи кезектеги маселеси. Бирок, анын негизги тынчсыздануусу коронавирустун кесепеттеринин Америка экономикасына тийгизген таасири болуп калды. Миллиондогон америкалыктар жумушсуз калышты. Ал вирус кризисине каршы начар күрөшүп жатканы жөнүндө айтыла баштады. Бул анын демократиялык оппоненти шайлоо өнөктүгүндө ага каршы колдоно турган фактор болуп калышы мүмкүндүгүнөн корко баштады. Кийин наразылык акциялар толкуну башталды, Трамп ушул жерден өзүн мамлекеттин коопсуздугун сактай ала турган күчтүү лидер катары көргөзүүнү каалады. Бул анын шайлоо мүмкүнчүлүгүн жогорулатат. Бирок, анын атаандашы Жо Байден, демократиялык партия жана башка күчтөр мунун тескерисин көрсөтүүгө урунушту. Алар аны Америкадагы бөлүнүүнү бекемдөө үчүн иштеп жаткан адам катары тааныта башташты, Флойддун өлүмүнөн кийин демонстрациялар себептүү Америка коомуна келтирген жараларды айыктыра албаган адам катары коомго таанытышты. Алар ал демонстранттарга карата кыжырды келтирген билдирүүлөрдү бергендиги, зордук-зомбулуктун жана демонстрациялардын башаламандыгы үчүн жооптуу деп эсептешет.

в) Наразычылык акцияларын бастыруу:

Дүйнө өлкөлөрү Америка өкмөттү элдин наразычылык акцияларына карата катаал жана ырайымсыз мамиле кылганына күбө болушту. Президенттин коопсуздукту күч менен орнотуу, ошондой эле кутурган иттер жана эң коркунучтуу куралдар тууралуу сөзүнө күбө болушту. Миңдеген адамдар кармалды. Дубинкалар жана көздөн жаш агызуучу газ. Америка ондогон жылдар бою мындай көрүнүштөргө күбө болбогодон кийин ушундай өз жарандарына карата ырайымсыз мамиле кылды. Мунун баары Америка дүйнө жүзү боюнча өз каршылаштарына каршы адам укугу деген наам менен узак убакыт бою карманып келген жүйөсүн жокко чыгарды. Пикир эркиндигин, оппозицияны колдоо сыяктуу жана башка демократия

ураандарын жокко чыгарды. Бул жагдай түздөн-түз таасир кылат. Америка тышкы саясаты өзүнүн эң белгилүү эл аралык шылтоосунун бирин жоготуп жатат. Муну Россия тышкы иштер министрлигинин басма сөз катчысы Мария Захарованын билдирүүсү тастыктап турат: «XXI кылымдын 2020-жылынын май айынын акырынан тартып июндун башынан бери АКШ дүйнө жүзүндө адам укуктары маселеси боюнча кимдир бирөөгө сын пикир айтуу укугун жоготту». Захарова АКШдагы расизмге жана полициянын зомбулугуна каршы нааразычылык акциясынын катышуучуларына карата АКШ бийлигинин жасаган мамилесине түшүндүрмө берип мындай деди: «Бүттү!!! Мындан ары алардын андай укугу жок». («Явму саабиг», 02.06.20).

5 – Мына ушундайча расалык дискриминация АКШга мүнөздүү болуп эсептелет. Ал бир азга тынчып турушу мүмкүн, бирок кайрадан курчуйт. Бул – америкалык капиталисттик түзүмдүн келип чыгышынын түпкү себеби болгон идеялык оору. Мындай нерседен адам ойлоп тапкан эч бир түзүм тышта калбайт. Себеби, бул түзүмдөр акты карадан, кызылды сарыдан айырмалоону аныктаган адамдардын каалоолоруна баш ийет. Ал тургай, бул айырмалап башкаларды кемсинтип төмөн көз караш менен кароо башкаларга гана эмес, кийинчерээк өзүлөрүнө да зыян алып келет!

Бир гана Ислам ар кандай расалык дискриминацияны жок кылды жана жок кылууга жөндөмдүү. Исламда түстөрдө, ырайда же байлыкта адамдар ортосунда айырмачылык жок, тескерисинче, баардыгы бирдей. Алардын эң жакшысы – эң таквасы. Аллах Таала айтат:

﴿يَا أَيُّهَا النَّاسُ إِنَّا خَلَقْنَاكُمْ مِنْ ذَكَرٍ وَأُنْثَى وَجَعَلْنَاكُمْ شُعُوباً وَقَبَائِلَ لِتَعَارَفُوا إِنَّ أَكْرَمَكُمْ عِنْدَ اللَّهِ أَتْقَاكُمْ إِنَّ اللَّهَ عَلِيمٌ خَبِيرٌ﴾

«Эй адамдар биз силерди эркектен жана аялдан жараттык, силерди бир-бириңер менен таанышып (жакшы мамиледе болушуңар үчүн) уруу-уруу, улут-улут кылдык. Аллахтын алдында силердин урматтууңар - такваларыңар. Аллах билүүчү жана кабардар» [49:13]

Байхакий Абу Назрадан, ал Жабир ибн Абдуллахтан кылган риваятта айтылат: Бизге Расулуллах ﷺ ташрик күндөрү коштошуу хутбасын кылып айтты:

« يَا أَيُّهَا النَّاسُ، إِنَّ رَبَّكُمْ وَاحِدٌ، وَإِنَّ أَبَاكُمْ وَاحِدٌ، أَلا لا فَضْلَ لِعَرَبِيٍّ عَلَى عَجَمِيٍّ، وَلا لِعَجَمِيٍّ عَلَى عَرَبِيٍّ، وَلا لأَحْمَرَ عَلَى أَسْوَدَ، وَلا أَسْوَدَ عَلَى أَحْمَرَ، إِلا بِالتَّقْوَى، إِنَّ أَكْرَمَكُمْ عِنْدَ اللهِ أَتْقَاكُمْ، أَلا هَلْ بَلَّغْتُ؟» ، قَالُوا: بَلَى يَا رَسُولَ اللهِ، قَالَ: «فَلْيُبَلِّغِ الشَّاهِدُ الْغَائِبَ»

«Эй адамдар, силердин Роббиңер бир, атаңар бир, арабдын араб эместен артыкчылыгы жок. Араб эместин арабдан артыкчылыгы жок. Кызылдын карадан артыкчылгы жок, каранын кызылдан артыкчылыгы жок, бир гана таквалыкта артыкчылык бар. Аллахтын алдында силердин урматтууңар – такваларыңар. Жеткирдимби?». Айтышты: «Ооба, эй Аллахтын элчиси». Айтты: «Бул жердеги болгондор бул жерде болбогондорго жеткирсин».

Бусирий (хижрий 762-860-ж.) ушундай мааниде хадис келтирген. Ошондой эле, Табароний (хижрий 369-260-х.) ушундай мааниде хадис келтирген. Анын риваятында «... актын карадан артыкчылыгы жок, каранын актан артыкчылыгы жок» деп келген.

Рассалык дискриминацияны Ислам гана жойот, ал ааламдардын Роббиси тарабынан түшүрүлгөн. Ислам акыйкат жолго жетектеп, ааламга жакшылык нурун чачат. Аллах Таала айтат:

«Өзү жол таппаган жана башкаларды да жетектей албагандарга караганда акыйкатка алып бара турганды ээрчүүгө татыктуу эмеспи? Силерге эмне болду? Кандай гана жаман өкүм чыгарасыңар» [10:35]

**20-шаввал, 1441-х.**

**11-июнь, 2020-м.**

## АКШдагы президенттик шайлоонун натыйжалары

**Суроо:** *Бул жолу АКШда президенттик шайлоо Президент Трамп жана анын демократ атаандашы Байден ортосундагы карама-каршылыктар менен өттү. Массалык маалымат каражаттары Байдендин жеңишин жарыялады, бирок Трамп добуш берүүнүн натыйжаларын*

*моюндабады. Сиздин оюңузда, Байден жеңгенден кийин шайлоо жараянында байкалган кескиндик аста-секин басаңдайбы? Вашингтондо бийликти алмаштыруу жараяны проблемасыз өтөбү? Же окуялар Кошмо Штаттардын ичинде жана тышында олуттуу акыбеттерге алып келеби?*

**Жооп:** Америкада мындай президенттик шайлоо мурун болуп көрбөгөнүн баары ырасташууда. Анткени шайлоо олуттуу карама-каршылыктар менен өттү. АКШ Президенти Трамп шайлоого бир нече ай калганда шайлоо бурмаланган учурда гана уттурушу мүмкүндүгүн айтты. Анын президенттик кызматты сактап калууга бекем чечим кылганы ачык-айкын болчу, Вашингтондогу саясатчылар Трамп Ак үйдөн кетүүнү четке какса, кандай чаралар көрүлөрү жөнүндө талкуулаша баштады. Ошондуктан, шайлоодон мурунку жана кийинки абалдарга айкындуулук киргизүү маанилүү:

Биринчи: Трамп 2017-жылы 20-январда бийликке келери менен өлкө ичинде жана тышында кишинин кыжырын келтирген иш-аракеттерди жасай баштады.

1 – Ички саясатта президент өз каршылаштарына эч кандай маани бербеди. Кызматтан алуу же отставкага чыгуулар Трамп администрациясына мүнөздүү сыпатка айланды. Төрт жыл бою министрлер жана администрациядагы жооптуулар бир нече жолу алмашты. Бүгүнкү күнгө чейин Трамп ушундай жолду карманып келет. Трамп коргоо министри Марк Эсперди 2020-жылы 9-ноябрда т.а. шайлоодо Байдендин жеңип чыкканы жарыялангандан кийин кызматтан алды. АКШ полициясынын афроамерикалыктарга карата тектик мамилеси жана полицияга каршы башталган масштабдуу наааразылыктар учурунда Трамп полицияга басым кылуу же полициянын бюджетин кыскартуу чакырыктарын четке какты. Тескерисинче, ал кыйыр түрдө, кээде ашкере расизмди айгинелеген билдирүүлөрдү жарыялап турду. Ал жумуш орундарын түзүүнү шылтоолоп компанияларга салынган салыктарды кескин азайтты.

2 – Тышкы саясатта Трамп Кытай менен экономикалык согуш баштады жана Америка үчүн жаңы доор – протекционисттик экономикалык саясат башталганын жарыялады. Ал Климат боюнча Париж келишими, Түндүк Америка эркин соода келишими (NAFTA) жана башка эл аралык келишимдерден, Дүйнөлүк Саламаттыкты Сактоо Уюму сыяктуу бир катар эл аралык уюмдардан чыкты. Трамп союздаштарынан, өзгөчө европалыктардан баш тартты жана Британияны ашкере колдоп, Европа Союзунан чыгышына жардам беришин жана аны менен ири соода келишимин түзөрүн ачыктады. Трамп НАТО мамлекеттеринен уюмга бөлүп жаткан каражаттарды көбөйтүүнү талап кылып, орой түрдө асылды. О.э. Трамп Ислам регионундагы куурчак акимдерге жана америкачыл саясатчыларга текебердик менен мамиле кылды.

Экинчиден: Американын бөлүнүшү.

Трамп администрациясынын кескин бурулуштары натыйжасында Америка коомунда бөлүнүү башталды. Америкада Трамптын төрт жылдык өкүмдарлыгы доорунда көптөгөн «оорулар» (проблемалар) пайда болуп, алардын симптомтору байкалып калды:

1 – 2016-жылдагы шайлоо кампаниясынан бери Трамп адамдардын этибарын өзүнө тарткан расизм тенденцияларын (идеяларын) көрсөттү. Ак түстөгүлөргө таандык улутчул кыймылдар активдешти. Алар мурун Америка коомунда аз гана таасирге ээ эле, бирок Трамптын келиши менен гүлдөп өнүгүштү. Ак түстөгү полицейлер кара түстөгү америкалыктарды өлтүргөн окуялар жүз берди. Бул америкалыктардын ак жана кара түстөгүлөргө бөлүнүшүнө алып келди. Расизмге жана кара түстөгүлөр туш болгон зомбулукка, айрыкча полициянын зомбулугуна каршы о.э. теңдикти талап кылган «Black Lives Matter» («Каралардын өмүрү маанилүү») саясий кыймылы пайда болду. Буга жооп иретинде ак түстөгү америкалыктардын белгилүү бир даражада уюшкан куралдуу ыктыярчы күчтөрү пайда болду жана мамлекеттеги туруксуздук үчүн даярдык көрө башташты.

2 – Трамп администрациясы европалык союздаштарына карата кастыгын көрсөттү. Жада калса, Коргоо министри Мэттис да отставкага чыгуу тууралсында арыз бергенде «союздаштарга урматтоо менен мамиле кылуу» зарылдыгын айтты. («Явмуссаби», 2018-жыл, 12-декабрь).

3 – 2017-жылы кызматын баштагандан бери Трамп протекционисттик экономикалык саясатка, аныгы, Америка экономикасын өлкөгө кирип жаткан Кытай жана Европа товарларынан коргоого чакырды. Ал эркин эл аралык соода шартында атаандашууга күчү жетпеген бир катар фабрикаларды жапты. Трамп мындай аракети менен мамлекет ичинде өзүнө каршы ырайымсыз душмандарды пайда кылып жатканын аңдабады. Мындан улам, технологиялык компаниялар анын эң касташкан душмандарына айланып, алар болгон күчтөрү менен Трампка каршы чыгышты жана миңдеген жумушчуларын көптөгөн маселелер боюнча Трампка каршы наразылык демонстрациясына алып чыгышты. О.э. Трамптын аброюн түшүрүү үчүн ал жөнүндө акарат маалыматтарды таратууга болгон күчтөрүн жумшашты. Бул күтүлгөн болчу, анткени ушул компаниялар дүйнөлүк деңгээлде иш алып баргандыктан алардын иш-аракети алдында тоскоолдуктар коюлушун о.э. Трамптын саясатына жооп катары башка мамлекеттер тоскоолдук коюшун каалашпайт. Ошондуктан Кытай бийлиги Кытайдын ири базарында жакшы жайгашкан компанияларга тоскоолдуктарды жаратуу менен коркута баштаганда жана Франция алардан француз продукциясы үчүн салык төлөөнү талап кылууну баштаганда бул компаниялар Президент Трамптан кутулууга чечим кылышты. Ошентип, бул нерсе Трампка каршы кампаниянын негизине жана Жо Байденди колдоо кампаниясынын борборуна айланды.

4 – Бүткүл дүйнө саламаттыкты сактоо, ооруну алдын алуу, адамдарды коронавирустан коргоо жөнүндө сүйлөп жатканда Президент Трамп өзүнүн капиталисттик дүйнө карашы менен дары-дармек, вакциналар, соода иштериндеги прецеденттер (өзүнөн кийинки иштерге үлгү болгон өткөндөгү

иш), дары өндүрүүчүлөрдүн үлкөн киреше табышы жана франчайзинг укуктары (базардын субъектлери ортосундагы мамиленин бир көрүнүшү) жөнүндө сүйлөөгө этибарын каратты. Президенттин бул абалы анын камкордук сыпатын жок эсе кылды. Кийин Трамп экономикалык оор кырдаалды шылтоолоп, коронавируска каршы күрөшүү үчүн мамлекетте карантин киргизүүгө каршы чыкты. Бул болсо, Кошмо Штаттардагы демократ жооптуулар менен Президент Трамп ортосунда коронавируска каршы күрөшүү үчүн штаттарды жабуу туурасында кескин билдирүүлөр согушун пайда кылды. Трамп экономиканын иштөөсүн каалаган нефть, өнөр жай жана чекене соода компаниялары тарапта турду. Трамптын каршылаштары, демократиялык партиянын жетекчилери коронавирус натыйжасында АКШда өкүм сүргөн дүрбөлөң жана коркуу абалын бетке алып, экономикалык ишмердүүлүктү токтотууну алга сүрүштү. Бирок, экономикалык ишмердүүлүктү токтотуу, бул нерсеге чакыргандар жана Трамптын каршылаштары артында элге көрүнбөгөн күчтөр турган. Алар – экономика тарыхында болуп көрбөгөн өнүгүүгө жетишкен жасалма интеллекттүү технологиялык компаниялар. Коронавирус пайда болгондо дүйнөдөгү адамдар үйлөрүндө телевизорлор, компьютерлер жана смартфондор алдында олтурушту жана чыгашаларды кыскартууну башташты. Бул болсо, технологиялык компаниялардын капиталы элестеткис даражада көбөйүшүнө себеп болду. Мисалы, «Амазон» сыяктуу компаниянын киреше жана компаниянын базардагы баасы өтө жогорулады. Жада калса «Амазон» компаниясынын айрым негиздөөчүлөрү компаниянын базардагы баасы жогорулагандыктан 24 саат ичинде 6 миллиард доллар кирише көрүштү. «АКШнын технологиялык компаниялары ушул жылдын үчүнчү чейрегинде жалпы көлөмү 38 миллиард доллар болгон чоң киреше көрүшкөнүн билдирди». (Би-Би-Си, 30-октябрь, 2020-жыл).

«Amazon», «Apple», «Alphabet», «Google», «Facebook», Илон Масктын компаниялары жана башка Американын технологиялык компаниялары

көргөн бул астрономиялык киреше өзгөчө коронавирус себептүү зыян көргөн компанияларды наараазы кылууда. Коронавирус себептүү зыянга учураган мындай компанияларга энергетика жана нефть компанияларын, туризм компанияларын о.э. Трамп капитал жаткырган Нью-Йорк имаратын жана Флорида курортун, Британиядагы спорт жаатындагы инвестицияларды мисал кылуу мүмкүн.

Үчүнчүдөн: Америкадагы шайлоолор жана бурмалоолор.

1 – Америкадагы 2020-жылдагы президенттик шайлоо мурунку шайлоолорго окшободу. Почта аркылуу берилген добуштарды эсептөө уланып жаткандыктан жеңүүчүнү жарыялоо дээрлик бир аптага кечиктирилди. Белгилүү болгондой, почта аркылуу негизинен демократтар добуш берди. Президент Трамп шайлоодон бир нече ай мурун почта аркылуу добуш берүүгө каршы чыкты жана мындай добуш берүү бурмалоого жол ачарын айтты. Трамп өз тарапкерлерин адаттагыдай добуш берүүгө чакырды. Ал эми, демократтар почта аркылуу добуш берүүнү кеңейтүүнү жана добуш берүүнүн бул түрүнө каршы болгон тоскоолдуктарды алып салууну талап кылышты. Бул бурмалоого окшогон айла-амал эле.

2 – Айла-амалдыгына келсек, белгилүү болгондой, демократиялык партиянын тарапкерлери адаттагы добуш берүүүгө катышпайт, натыйжада партия айрым добуштарды жоготот. Эгер, сырттан добуш берүү болбогондо коронавирус пандемиясы жайылгандыктан демократиялык партия көп добуштарды жоготушу мүмкүн эле. Трамп андай проблемага туш келбеди. Т.а. Трамптын тарапкерлери принципиалдуу түрдө адаттагы добуш берүүгө катышышты жана аны идеологиялык даражада коргошту. Ошондуктан, коронавирус пандемиясын бетке кармап сырттан добуш берүүнү макулдоо демократиялык партия үчүн абдан пайдалуу болду. Биринчи күнү жарыяланган натыйжалар кескин түрдө Трамптын пайдасына бурулганыны көрөбүз, бирок арсар болуп турган т.а. кимге көп добуш берилгени белгисиз болгон штаттар сырттан добуш берүүнү баштаганда шайлоо шкаласы

демократ Байдендин пайдасына кескин бурулду. Ушундай натыйжалар күтүлгөн болчу. Пенсилвания штатынын борбору Филадельфияда Трамп Байденди жүз миң добуш менен жеңип чыккан болсо да, Байдендин тарапкерлери негизги эсептөө борборунда күн мурунтадан майрадык кыла башташты. Анткени алар сырттан берилген добуштар кырдаалды Байдендин пайдасына өзгөртүүгө жетиштүү болоруна ишеништи. Массалык маалымат каражаттары Байдендин жеңишин жарыялап, ага шайлоодогу жеңишин жарыя кылууга мүмкүнчүлүк берди, анткени Пенсильвания штатындагы добуш аны Шайлоочулар Коллегиясындагы керектүү көлөмдөгү санга (270 добушка) жеткирүү үчүн жетиштүү болчу.

Төртүнчүдөн: негизги окуялардын траекториясы.

1 – Байден шайлоодо жеңип чыкканы туурасында дээрлик күн сайын билдирүү берүүнү баштады. Ал жеңүүчү талапкер катары анын үйү жайгашкан жер учууга тыюу салынган аймак болуп киргизилгенин билдирди. О.э. Байден чет элдик жана жергиликтүү саясатчылардан куттуктоолорду алып, АКШнын шайланган жана кийинки президенти катары дүйнө лидерлери менен алакаларды орнотту. Трамп анын жеңишин четке какты жана окуялардын өнүгүүсүн өзгөртө турган сот жараяндары менен коштолуп шайлоо кампаниясы ылдам уланып жатканын билдирди. Трамптын сөзүнө ылайык, Байден мыйзамдуу добуштар менен шайлоодо жеңип чыкканын эч кандай далилсиз, шашылып жарыя кылып жиберген. Өз кезегинде, Жо Байдендин басма сөз катчысы Бейтс, эгер Трамп шайлоонун натыйжаларын таанybаса, Ак үйдөн мажбурдуу түрдө чыгарыларын билдирди.

2 – Америкадагы азыркы кырдаал абдан кооптуу. Германия коргоо министри бул жагдайды «жарылуучу» деп атады. Айрымдар Трамп колдоп жаткан куралданган ыктыярчы топтор шайлоо кампаниясынын штаб-квартирасына бастырып киришип, башаламандыктарды чыгарышын болжолдошкон. Бирок, айрым штаттарда мындай туйгулар жана окуялар кандайдыр бир деңгээлде болгонуна карабастан, башаламандык жүз бербеди.

Президент сот жараяндары жана саясий айла-амалдар аркылуу экинчи мөөнөткө калууга үмүт кылууда, чамасы бул сценарий белгилүү бир убакытка калтырылган көрүнөт.

Башка тараптан, «Ал-Жазира нет» 2020-жылы 10-ноябрда «Вашингтон Пост» гезитине негизделип «Ак үй федералдык агенттиктерди шайланган президент Жо Байдендин жамааты менен кызматташуудан оолак болууну буйруду» деп кабарлады. Трамптын администрациясы жеңип чыккан талапкер үчүн АКШ мыйзамдарында каралган каражатты офистин ижарасына жана башка каражаттарга сарптоодон баш тартты. Трамп 2020-жылы 10-ноябрь күнү Твиттерде: «Биз чоң ийгиликтереге жетип жатабыз. Натыйжалар кийинки аптада пайда болот... Биз жеңип чыгабыз», - деп жазган. Мамлекет катчысы Помпео Трамптын экинчи президенттик мөөнөтү жөнүндө сүйлөп, республикачыл сенатордун реакциясына себеп болду, сенатор мамлекеттик жооптуунун мындай билдирүүсү өтө кооптуу экендигин айтты. Ошентип, Америка Кошмо Штаттары анын туруктуулугуна жана бүтүндүгүнө коркунуч салган чыныгы кризиске кептелди жана абал олуттуу кооп-коркунучка айланышы мүмкүн. Батыш жээктеги штаттар, өзгөчө Калифорния көп убакыттан бери демократтардын штаты саналып келет. Технологиялык компаниялардын борборлору ушул штатта жайгашкан. Бул штат Трамптын экинчи президенттик мөөнөтүн колдошу мүмкүн эмес. Республикачыл штаттарга, өзгөчө мамлекеттин түштүгүндөгү Техас штатына келсек, алар Калифорния штаты менен параллель күчтү түшүндүрөт жана Американын эң ири нефть жана энергетика компаниялары жайгашкан. Алар жаңы шайланган президент Байдендин жеңишин кабыл алышпайт. Анткени, Байден бийликке келген соң АКШны Климат боюнча Париж келишимине кайтаруу туурасында токтом чыгарат. Ал эми, Трамп эгер ал экинчи мөөнөткө калса, аны акарат кылган жана анын твиттерин цензура кылган технологиялык компанияларга эч кандай жеңилдиктер болбостугун айтып коркутту.

Бешинчиси: негизги окуялар жараянындагы маанилүү жагдайлар.

1 – Америка ар дайым туу тутуп келген демократия – президент Трамп бийликте калуу үчүн жасап жаткан шерменеде иштерди жумшартуу үчүн алып барылып жаткан сот жана мыйзамдуу шылтоолор менен бузулууда. Америкада ар түрдүү сценарий жана өч алуу аракеттери ар кандай убакытта жүз бериши мүмкүн. Кийинки президент жеңип чыккан талапкер Байден болушу да, жеңилгенин моюнга алууну каалабаган жана экинчи мөөнөткө калууну каалаган учурдагы президент Трамп болушу да мүмкүн. Ким болочок президентке айланса, ал атаандашынан өч алууга киришет, бул болсо колдорду кайруудан көрө көбүрөөк сөөктөрдү сындырууга окшойт. Ошентип, Америка башаламандык, кабатырлануу жана ички проблемаларга кириптер болуу жакасында турат. Американын бөлүнүүгө жүз тутушун да назардан качырып болбойт. Андайда Техас Трамп жана республикачылар жана аны колдоп-кубаттаган компаниялар үчүн борборго айланат, Калифорнияда болсо Байден, демократтар жана аны колдогон компаниялар үчүн борборго айланат. Бул жаңжал Трамптын калган эки айлык президенттик доору менен чектелбей, андан кийин да уланышы мүмкүн.

2 – Кемчиликтер – демократиялык капиталисттик түзүмдүн ажырагыс касиети. Ар бир акыл калчаган киши муну ачык-айкын байкоодо. Демократиялык капиталисттик түзүмдүн эң жаркын баалуулугу – пайдапарастык жана материалдык киреше. Ошондуктан бул нерселер президент тарабынан анын укуктарына ылайык жана анын партиясынын өкүлдөр палатасындагы таасирине ылайык түздөн-түз же кыйыр түрдө белгиленет. Ушул себептен улам, президенттердин ушул пайдапарастык жана материалдык кирешенин деңгээлин белгилөөдөгү чечимдери бириники экинчисиникинен айырмаланат. Ошентип, бир президент өзүнүн каалоосуна ылайык пайдалуу нерсени карап чыгат жана колдоп токтом кабыл алат, башка президент болсо аны пайдасыз гана эмес, зыяндуу деп эсептейт жана мурунку президенттин токтомун бекер кылат. Экөөсү тең демократиялык

капиталисттик түзүмдү жана эл кабыл алган конституцияга моюн сунганын жарыялайт, бирок, түпкүлүгүндө ар бири өз каалоосуна ылайык иш кылат.

Мисалы, 2017-жылы 20-январда жаңы президент болуп бийликке келген Трамп мурунку президент Барак Обама администрациясы курган нерселерли кескин талкалай баштады. Трамп «Обамакер» медициналык камсыздандырууну бекер кылды, Америка нефть жана энергетика компанияларынын кызыкчылыктарына кызмат кылуу үчүн Климат боюнча Париж келишиминен чыкты, Америкада курал алып жүрүүнү мыйзамдаштырууну колдободу, Американын технологиялык компанияларына электрондук цензура сыяктуу көптөгөн чектөөлөрдү коюуга жана Кытайдан чыгып кетүүгө мажбур кылууга урунду. Булардын баары мурунку президент Обаманын жана атаандаш талапкер Байдендин позициясына толук тескери түрдө жүз берди. Белгилүү болгондой, Байден булардын бүтүндөй тескерисин жарыялап, медициналык камсыздандырууну колдоп-кубаттоодо жана курал алып жүрүүнү мыйзамдаштырууга аракет кылууда. Байден эгер бийликке келсе, климаттын өзгөрүшүн коргоо саясатына кайтуу үчүн анын партиясы жана мамлекети үчүн принципиалдуу саясатты жарыялайт. Т.а. нефть компанияларынын кызыкчылыктарына каршы турат. Байден аларга кошумча салыктарды киргизүүнү убада кылууда. Трамп бул салыктарды азайткан болчу. Ошентип, биз Байдендин артындагы технологиялык компаниялар нефть жана энергетика компаниялары о.э. Байден мамлекет бюджетинин чоң бөлүгүн бөлүүнү пландаган курал-жарак компаниялары менен катуу күрөш алып барып жатканын жана башкаларды көрөбүз. Баса белгилөө зарыл, Американын ири нефть компаниялары Техаста, эң ири технологиялык компаниялар Калифорниянын Силикон өрөөнүндө жайгашкан.

Ошентип, «ачык-айкындуу» жана «глобалдуу» болууну каалаган технологиялык компаниялардын ээлери болгон капиталисттердин кызыкчылыктары менен Кытай атаандаштыгынан коргоону каалап жаткан

нефть, өнөр жай жана айыл чарба компанияларынын кызыкчылыгы кагылышууда. Президенттер жана алардын жардамчылары – атаандаштары зыяндуу деп эсептесе да – өз кызыкчылыктарын камсыздайт деп билген өлчөөлөргө ылайык ал же бул кампанияларды колдоп-кубаттайт! Өлчөөлөрү пайда жана зыян болгон эки тарап тең капиталисттик түзүмдү колдонуп жатышканын айтышат. Ошондуктан ушул карама-каршы тараптардын каалоосуна карап пайда жана зыяндын бирдей көрүлүшү капиталисттик түзүмдүн карасанатайлыгын көрсөтөт.

3 – Эмне үчүн бул кемчиликтер Кошмо Штаттарда бул эки атаандаш – Трамп менен Байденде абдан айкын байкалганына келсек, бул ушул себептерге байланыштуу:

а) Жеңген жана жеңилген талапкерлер аларды колдогон жана бийликте турушунан пайда көргөн аудиторияга ээ. Пайда – капитализмдеги негизги кыймат. Ошону менен бирге, эгер атаандаш тарап президенттикке жетсе, жеңилген тараптын кызыкчылыктарын кыйынчылыктар ээлейт.

б) Азыр дүйнөгө капиталисттик түзүмдөр өкүмдарлык кылып жатат, алар Америкадагы түзүмдөн кыйла жаман. Ушул көз караштан алганда, Америка жараны башка түзүмдөр менен салыштырылса, ал өз түзүмүндө башка мамлекеттерге караганда аз илдеттерди табат жана эмне болгонуна ыраазы болуп, эки зыяндын эң жеңилин тандайт!

в) Бүгүнкү күндө Америка жана капиталисттик түзүмдүн бардык моделдерине каршы турган туура түзүм жок. Эгер, андай түзүм болгондо аларга өздөрүнүн кемчиликтүү түзүмдөрү алдындагы акыйкаттын кандай экендиги айкын болмок. Эгер, бүткүл жер жүзүн берекеге толтурчу, адилеттик орнотуп кадыржамдыкты алып келчү Ислам түзүмү колдонулганда адамдардын капиталисттик түзүмгө карата ишеними бүтүп, Ла илаха иллаллах Мухаммадун Расулуллах байрагын бийик көтөргөн Халифалык мамлекетиндеги жакшылыкка умтулушмак.

Жыйынтыктап ушуну баса белгилеймин, кээде батыл үстөм болсо да, акыйкат баарынан үстөм болот. «Хизб-ут-Тахрир» Ислам Умматы арасында күндү түнгө улап аракет алып барууда, Халифалык таңы дагы атат, чыгыш жана батыштагы тогуттардын тактысы кулайт. Аллах Таала айтат:

«Аллах чыныгы ыйман келтиргендерди билиши жана араңардан шахиддерди тандап алышы үчүн бул күндөрдү адамдар арасында айландырып турабыз. Аллах залимдерди сүйбөйт. Аллах ыйман кел¬тиргендерди тазалоо жана кафирлерди өлтүрүү үчүн (ушундай кылат)» [3:140-141]

**20-ноябрь, 2020-м.**

## Америка Конгрессине шайлоо тууралуу

*Суроо: Республикалык партия 435 мүчөдөн турган АКШ Конгрессинин Өкүлдөр палатасында бираз гана айырма менен жеңип чыкты. CBS Newsтун (Би-Би-Синин АКШдагы өнөктөшү) маалыматында, ал keминде 218 мандатка ээ болмок. (Би-Би-Си, 17.11.2022). Ал эми, "Демократтар жекшемби күнү АКШ Сенатында көпчүлүктү сактап калгандыгын майрамдашты" ("Аль-Жазира" 14.11.2022).*

*Дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндөгү массалык маалымат каражаттары АКШ Конгрессиндеги (Өкүлдөр палатасы жана Сенат) шайлоону чагылдырышты. Эмне үчүн дүйнө Америкадагы жергиликтүү окуяларга мынчалык көңүл бурулууда. Ал эми башка өлкөлөрдөгү ушуга окшош шайлоого аз көңүл бурулат? Балким, Америка өлкөсүндөгү ички окуяларга эл аралык маани берүү үчүн бүткүл дүйнөдөгү малай акимдерден көбүрөөк көңүл бурууну талап кылып жатабы? Кудум Британияга ыктаган өлкөлөрдөгү маалымат каражаттары эч кимге кереги жок падышалар, алардын аялдары, балдары ж.б.у.с маалыматтарды чагылдырган сыяктуу.*

Жооп: Чындыгында Англия өзүндөгү улуулук сезими жана «күнү батпай турган империя» сыяктуу өзүнүн малайларынан Британиянын ичинде болуп жаткан окуяларга көңүл бурууну талап кылат. Мунун себеби Британия өчүп

бараткан улуулук сезимин жандандыруу аракетине байланыштуу. Бирок Американыкы мындан башкача. Муну аныктоо үчүн төмөнкүлөргө токтолобуз:

1- АКШда болуп жаткан ички окуялардын эл аралык кырдаалга тийгизген таасирин түшүнүү үчүн бир нече мисал келтиребиз:

а) АКШ президенти Байден Орусия Херсондон чыгуу чечимин жарыялаганга чейин АКШдагы орто мөөнөттүү Конгресс шайлоосунун жыйынтыгын күткөнүн айтты. (Аль-Жазира 11/11/2022).

б) Сауд Арабиясы ОПЕК+ ичинде дүйнө жүзү боюнча бааны көтөрүү үчүн мунай өндүрүүнү күнүнө эки миллион баррелге кыскартты. Муну менен Америкалык шайлоочулар жергиликтүү деңгээлде күйүүчү майдын баасына нааразылыгын билдирип, демократтар үчүн добуш берүүдөн баш тартып, анын ордуна республикачыларга добуш беришти.

в) Азырынча, Кытай коронавирустун айынан бүт шаарларды жаап жатабы же президент Байдендин партиясын колдоо каалоосуна байланыштуу экени белгисиз. Балким, жакынкы күндөрү мунун акыйкаты белгилүү болуп калат. Ошондуктан, АКШдагы 2022-жылдын 8-ноябрындагы орто мөөнөттүү шайлоолор маанилүү эл аралык окуя болуп калды. Анын үстүнө, Америкадагы ар кандай окуялар дүйнөнүн башка аймактарына да таасирин тийгизиши мүмкүн. Ошондуктан, АКШдагы бул шайлоолордун эл аралык чөйрөгө тийгизген таасирин эске албай коюуга болбойт. Мындан тышкары, мурдагы президент Трамптын мөөнөтүндө Американын ичинде терең бөлүнүүнү пайда кылгандыктан, бул шайлоо өтө маанилүү болуп калды. Мындай бөлүнүүлөр адамдардын арасында, өкмөттө, партиялар жана компанияларда ачык көрүндү. Ошондуктан, бүткүл дүйнө АКШ Конгрессине болгон шайлоонун жыйынтыгына кылдат көз салып турду.

2- Дүйнөдөгү эң ири капиталисттик өлкө болгон Америка саясий системасында атаандаштык эки партиянын ортосунда гана жүрөт. Бул эки партия тең шайлоо учурунда капиталисттик компанияларга таянат. Тандоону

эл эмес ири капиталисттик компаниялар жасайт. Быйыл Конгресстин эки палатасындагы талапкерлерди колдоо үчүн компаниялар болжол менен 17 миллиард доллар сарптаганы мунун ачык далили. «АКШ ар бир мүмкүнчүлүктө парадоксалдуу үлгүсүн көрсөтүүдө: өлкө тарыхый инфляциядан жапа чегип жаткан учурда орто мөөнөттүү шайлоолордун чыгашасы рекорддук көрсөткүчкө жетти. АКШдагы 2022-жылкы орто мөөнөттүү шайлоонун чыгымы 16,7 миллиард доллардан ашты» (“Sky News Arabia” 13.11.2022). Бул сумма Африканын жана башка аймактардагы бир нече өлкөнүн бюджетине барабар. Мындан белгилүү болгондой, ири компаниялардын ээлери Америка элин тигил же бул талапкерди шайлоого багыт берип турат. Сыртынан караганда бийлик элге таандык болуп көрүнгөнү менен турмуш чындыгында бийлик кайсы бир талапкерди колдоо үчүн жүз миллиондогон долларларды сарптай ала турган ири компанияларга таандык. Айрымдар, шайлоочулар эмес Америкадагы саясатчылар өз шайлоочуларын тандашат деп айта башташты. Маселен, абортко уруксат деген ураанды көтөргөн адам аялдар тарабынан шайлангысы келет. Мигранттарды коргойбуз деген ураанды ким көтөрсө ал азчылыктар тарабынан шайлангысы келет. Ким тектик ураанды көтөрсө ак америкалыктар тарабынан шайлангысы келет ж.б.у.с.

3- Америкада дайыма акча жана корпорациялар үстөмдүк кылып келген. Бирок президент Трамптын мөөнөтү учурунда Америка ичинде болуп жаткан кескин өзгөрүүлөрдү ачыкка чыкты. Эң көрүнүктүү өзгөрүү – ири компаниялардын ортосундагы курч атаандаштык мурдагыдай “спорттук мелдеш” менен чектелбей калганынан көрүнөт. Бул күрөш ушунчалык курчуп кетти дейсиң, дээрлик кайноо абалына жетип, карама-каршылыктар айынан ач көздүк тынч жашоого мүмкүнчүлүк бербей калды. Капиталисттик компаниялардын ортосундагы айыгышкан күрөш компаниялардын кызыкчылыгын көздөгөн саясатчылардын сөөгүн сындырган күрөшкө айланды. Капиталисттер эки лагерге бөлүндү: Биринчисинде Демократиялык

партиянын өкүлү болгон технологиялык компаниялар үстөмдүк кылууда. Экинчисинде Республикалык партияны жактаган мунай жана энергетикалык компаниялар үстөмдүк кылат. Бул эки лагерь дагы да бөлүнүүгө даярданууда. Башкача айтканда, АКШнын штаттарындагы бөлүнүүлөрдө да, талапкерлердин артында турган ири компаниялардын кызыкчылыгында да ушул бөлүнүүлөр көрүнөт. Америка мунай жана энергетика компаниялары ондогон жылдар бою Америка капитализминин маңызын түзүп келгенин белгилей кетүү керек. Алар Американын ичинде да, сыртта да чоң таасирге ээ болгон. Мунай согуштары, өлкөлөр ортосунда мунай жана газ түтүктөрүн жана мунай танкерлерин куруу саясаты бул компаниялардын таасирин кеңейтти жана үлкөн кирешелерди алып келди. Бирок, акыркы жылдарда технологиялык компаниялардын жыйырма жылга жетпеген убакытта тапкан капиталы мунай жана энергетикалык компаниялардын айрымдарынын дээрлик бир кылымда топтогон капиталынан ашып кетти. Бул көйгөй тереңдешип, өзгөчө коронавирус мезгилинде курчуп кетти. Бөгөт коюу (карантин) саясаты мунай компанияларын ири кирешелерден ажыратып, а түгүл айрым учурда мунайдын баасы өздүк баасынан төмөн түшүп кетти. Ушул эле учурда технологиялык компаниялардын кирешеси өсүп жатты. Анткени, адамдар үйүндө отуруп эле бири-бири менен байланышып, телекоммуникация жабдуулары жана компьютерлер аркылуу өз иштерин жасай баштаашты. Бул компаниялар аркылуу коммерциялык жана финансылык ири операциялар жасалып жатты. Мисалы, америкалык Amazon компаниясы соода мейкиндигин негизги бөлүгүн ээлеп алды. Буга электрондук соода жана үйгө товар жеткирүү принциби аркылуу жетишти. Мындай кескин өсүү Трамп администрациясынын бийликке келген учуруна туш келди. Натыйжада чыгашага учураган компаниялар менен кирешеси өсүп жаткан компаниялардын ортосундагы чыр-чатактар күчөп кетти. Бул компаниялар өз пландарын саясатчылар аркылуу ишке ашыргандыктан, саясатчылардын арасында да кескин бөлүнүү байкалды.

4- Америка штаттарынын ортосундагы ажырым күчөдү. Демократтар көзөмөлдөгөн штаттар мунай компанияларына каршы мыйзамдарды кабыл алышты. Мисалы, Калифорнияда абанын булгануусун нөлдүк деңгээлге түшүрүү жана 2035-жылга чейин электр унааларына толук өтүү мыйзамы кабыл алынды. Ал эми, мунай компаниялары көзөмөлдөгөн Техас сыяктуу штаттар «жашыл» өнөр-жай ишканаларын, башкача айтканда, абага зыяндуу заттарды чыгарууну азайтуу саясатын жүргүзгөндөрдү кара тизмеге киргизишти. Кийин бөлүнүүнү мыйзамдаштыруу процесси башталды. Республикачылар көзөмөлдөгөн штаттар шайлоо округдарынын чектерин өзгөртүп, келе жаткан шайлоолордо мамлекетти көзөмөлдөөнү камсыз кылуу үчүн мыйзамдарды кабыл алышты. Мисалы, Демократиялык партиянын жактоочулары колдогон почта аркылуу добуш берүүнү чектеген мыйзамдар кабыл алынды. О.э Демократиялык башкаруудагы штаттар да Конгресстин округдарын кайра түзө башташты. Республикачыларды ал штаттардан кыскартуу үчүн почта аркылуу добуш берүү мыйзамын кабыл алышты. Бул билим берүү тармагындагы бөлүнүүнү кошпогондогу абал. Республикачылар көзөмөлдөгөн штаттардагы мектептердин окуу программасына “критикалык расалар теориясын” киргизип, иммиграцияга жана иммиграннттарга каршы идеялары жайылтылды. Мунун каршысында демократиялык партия көзөмөлдөгөн штаттарда аборт кылуу эркиндиги жана иммиграннттарды тосуп алуу идеясы жайылууда. Себеби, бул республикачылардын консервативдүү көз карашына карама-каршы келет. Ошентип, Америка штаттары республикачылар көзөмөлдөгөн кызыл жана демократтар тарабынан көзөмөлдөнгөн, иммиграннттар жана ак америкалыктар үстөмдүк кылган көк штаттарга бөлүнүштү. Башкача айтканда, бөлүнүү этникалык мүнөзгө ээ боло баштады. Абал барган сайын ушул нукта туруктуу мүнөзгө ээ болуп калды. Ошондуктан, штаттардагы саясатчылар азыр талаштуу маселелерди көтөрүүгө көбүрөөк ыкташат.

5- Америка дүйнөнүн башка өлкөлөрүнүн өкмөттөрү менен бирге АКШ Конгрессине орто мөөнөттүү шайлоонун жыйынтыгына кызуу көз салып турду. Анткени бул шайлоолор алардын кызыкчылыктары менен тыгыз байланышта. Орусия "Трамптын командасы" бул шайлоодо жеңишке жетип, Байдендин администрациясы сыяктуу Украинага көп колдоо көрсөтпөйт деп күттү. Европа өзгөчө Германия, Орусиянын экспансиялык аракетинен жана Америка-Европа мамилесиндеги Трамптын позициясынан улам республикачылардан коркууда. Кытай болсо Америка-Кытай ортосундагы чыңалуунун күчөшүнөн кооптонот. О.э. Түштүк Корея менен Японияны өзөктүк курал менен камсыз кылуусунан сактанат. Ал эми, Американын исламий аймактагы Сауд Арабия сыяктуу малайлары «Трамп тобу» алар үчүн «Байден тобуна» караганда жакшыраак деп эсептейт. Айрымдары мунун тескерисин каалайт.

Бул шайлоолор президенттик болбосо да андан кем эмес маанилүү. Анын үстүнө 2024-жылы өтө турган президенттик шайлоонун көрсөткүчү болуп эсептелет. Америкада инфляциянын өсүшү жана күйүүчү майдын кымбатташынан улам республикалык партия үчүн жагымдуу жагдай түзүлдү. Ар кандай сурамжылоолор да ушуга багытталды. Бул массалык маалымат каражаттарында ушунчалык пропаганда кылынгандыктан демократтар “кызыл толкундун” жууп кетишинен коркуп калды. Кыскача айтканда, шайлоонун шарттары жалпысынан республикачылардын пайдасына болду. Бирок, биз бүгүн көрүп тургандай, социалдык сурамжылоолорду жүргүзгөн уюмдарды жана келе жаткан “кызыл толкунду” күткөн ММКларды ыңгайсыз абалга кептеп койду. Алардын арасында демократтарды колдогон маалымат каражаттары да бар эле. Мурдагы президент Трамп АКШнын штаттарын кыдырып президенттик шайлоо өнөктүгү сыяктуу Республикачыл талапкерлерди колдоо үчүн турне кылды. О.э. демократтар азыркы президент Байден жана мурдагы президенттер Обама, Клинтон аркылуу кампания уюштурду. Алар жагымсыз эсептеген “кызыл толкунду” токтотууга

үмүттөнүштү. Бирок бул толкун ошол боюнча келген жок. Тескерисинче, шайлоонун натыйжасында “Республикалык партия 435 мүчөдөн турган АКШ Конгрессинин Өкүлдөр палатасында аз гана айырма менен жеңип чыкты. CBS News келинде 218 орунга ээ болот деп эсептеген" (BBC, 17.11.2022). «Демократтар жекшемби күнүн АКШ Сенатында көпчүлүктү сактап калуусун майрамдашты. Демократтар азыркы сенатты жетектеген АКШнын вице-президенти Камала Харристин добушун кошкондо 50 орунга ээ болду. Ал эми, республикачылар 49 орунга ээ болду. Бирок, Жоржияда 6-декабрга белгиленген экинчи айлампага чейин Сенаттын шайлоосунда бир орун бөлүнбөй турат. Мындан кийин демократтар ажырымды кеңейтиши мүмкүн» («Аль-Жазира», 14.11.2022). Бул жыйынтыктар бардык күтүүлөрдөн жана сурамжылоолордон төмөн болду. Бул жыйынтыктар бардык күтүүлөрдүн жана сурамжылоолордун үмүтүн актаган жок.

6- Жакшылап изилдеп көрсөк, республикачы губернатор жана жергиликтүү депутаттар менен сенаторлордун көпчүлүгү республикачылардан турган штаттардагы шайлоодо республикачылар жеңип келди. Бул штаттарда Демократиялык партия айрым өзгөчүлүктөрдү эске албаганда көзгө көрүнөрлүк жеңишке жетише алган жок. Мисалы, Латын Америкасынан келген иммиgranттардын саны көбөйгөндүктөн, Техас штатында демократтар бир нече орунга ээ болду. А бирок, толук көзөмөл республикачылардын колунда калууда. Демократтар башкарган штаттарда да дээрлик ушундай эле көрүнүш. Демек, бул бөлүнүү кыйла олуттуу жана терең. Кээ бир штаттар эки тараптын ортосундагы чыр-чатактын объектиси болуп калууда. Джорджия, Аризона, Невада жана Пенсильвания сыяктуу аймактар олку-солку штаттар деп аталып калды. Шайлоонун натыйжалары күтүлгөндөн төмөн болуп, сурамжылоолорго жана стандарттуу шайлоо процесстерине карама-каршы болгондуктан, Вашингтонду бириктирген Колумбия аймагы мурдагыдай “Бириккен” эмес тескерисинче, алардын ажырым күчөгөн аймак болуп баруудa. Башка жагынан эки партиянын бийлик үчүн о.э. алардын ири

компанияларынын кызыкчылыктары себептүү олку-солку болуп турган штаттарда күрөш дагы да кескин курчушу мүмкүн. Учурдагы шайлоодо бир партия штаттардын кайсынысын болбосун көзөмөлгө алып экинчи тарапка каршы жаңы мыйзамдарды кабыл алат. Каршылашынын таасирин жоюу үчүн экинчи тарапка жагымсыз маалымат согушун алып барат. Олку-солку болуп жаткан штаттарда зордук-зомбулуктун жалындары чыгышы мүмкүн. Ал бүт өлкөнү дагы зордук-зомбулукка батырат жана мамлекеттин тышкы саясатына таасир бере баштайт. Мындай окуялар тышкы саясатка азыртан эле таасирин тийгизип жатканын көрүп жатабыз. Маселен, Сауд Арабиясы мунай өндүрүүнү кыскартуу боюнча “Трамп тобунун” буйругун аткарды. Учурдагы шайлоо Америкада терең бөлүнүүнү ачыктады. Тараптардын күчү дээрлик бирдей жана баанын өсүшү сыяктуу жаңы жагдайлар алардын күчүнө таасир этпейт. Бул келечекте боло турган окуялардын коркунучтуу жарчысы болуп саналат. Шайлоо ачык эле чыңалуу менен коштолду. Кээ бир “Трамп тобунун” талапкерлери, а,түгүл аялдар да курал алып үгүт иштерин жүргүзүштү. Балким, жакынкы күндөр дагы көп келишпестиктерди көрсөтөт жана штаттар ортосундагы карама-каршылыктар өз позицияларын мыйзамдаштыруусуна алып келиши мүмкүн. О.э. актардын үстөмдүгү теориясын жайылткан Республикалык партия көзөмөлдөгөн аймактардан ак эместердин иммиграциясы көбөйүшү мүмкүн.

7- Конгресстеги орто мөөнөттүү шайлоолордо болуп өткөн окуяларга таянып, анын жыйынтыгы эмне болорун төмөнкүчө ачыктоого болот:

а) Америка Вашингтондо бийлик талашкан эки тараптын ортосундагы ажырымды жоюуга жөндөмдүү акыл-эстүү адамдардан куру калгандай. Америкалыктар лоялдуулук жана саясий тандоолор жөнүндө көбүрөөк тынчсызданып жатканы менен, президент Байдендин администрациясы кийинки эки жылда Республикачыл штаттар менен АКШнын Өкүлдөр палатасын түзгөн “кызылдар” тарабынан жаңы кыйынчылыктарга туш болот. Демек мамлекет тышкы саясатта зыянга учураса да, көбүрөөк ички

маселелерге көңүлүн бурат. Ал эми Трампка келсек, шайлоого чейин ал Республикалык партияны толугу менен көзөмөлдөп тургандай көрүнгөн. Бирок шайлоонун жыйынтыгы жарыялангандан кийин Трамп колдогон талапкерлердин айрымдары өтпөй калды. Айрымдары ийгиликке жеткени белгилүү болду. Бул Республикалык партиянын атынан экинчи мөөнөткө ат салышууну көздөп жаткан Трамп үчүн кыйынчылыктарды жаратышы мүмкүн.

б) Республикалык партиянын артында турган ири америкалык компаниялар олуттуу эл аралык таасирге ээ. Муну Сауд Арабиянын мунай өндүрүшүн кыскартуу чечиминен көрүүгө болот. Ошондуктан, АКШнын эки партиясы ортосунда эл аралык күчтү бөлүү белгилери күчөшү мүмкүн. Албетте, бул Американы мамлекет катары эл аралык деңгээлде алсыратат. Мындай көйгөйгө көңүл бурбай коюуга болбойт. Мурдагы демократ, мамлекеттик катчы Жон Керринин байланыштары Трамп администрациясынын Иранга максималдуу басым көрсөтүү саясатын кантип алсыратканын көрдүк. Буга жооп катары Республикачылар Байдендин администрациясынын тушунда Сауд Арабияны мунай өндүрүшүн кыскартууга үндөдү. Байден администрациясынын Орусияга болгон кысымын жеңилдетти. Ошондуктан, Американын эл аралык таасири экиге бөлүнүп, кээ бир эл аралык кызыкчылыктар жеке республикачылардын жана жеке демократтардын кызыкчылыгына айланды. Бирок, максатка жетүү жолдору ар түрдүү болсо да Россия жана Кытай менен күрөшүү сыяктуу бир катар жалпы стратегиялык кызыкчылыктарда алардын позициясы биригип турат.

в) Байдендин администрациясы Украина маселесинде Орусияга кысым көрсөтүүсүнө дагы толук эки жыл убактысы бар. Америка Украина менен Орусиянын ортосундагы сүйлөшүүлөрдүн эшигин ачкан менен Орусияга Украинадагы бардык жетишкендиктеринен баш тарттыруу үчүн кысым көрсөтүүнү улантат. Америка Украина маселесинен тышкары, Орусия өзөктүк куралы Америкага коркунуч туудурбашы сыяктуу ийгиликтерге

жеткенге чейин Орусия катуу санкциялар астында кала берет. Мындай саясат Байдендин доору бүткөнчө улана берчүдөй. Байден максаттарына жетмейинче Орусияны Батыш дүйнөсүнөн жана анын жан-жөкөрлөрүнөн обочолонтот. Экономикасы болсо бутка тура албай төмөндөй берет.

г) Кытайды Орусияны колдоонун кесепеттери менен коркутуу аркылуу Байдендин администрациясы Кытайды Орусиядан натыйжалуу алыстата алды. Кытай менен Орусиянын мамилелери бекемдиги тууралуу билдирүүлөр куру сөз болуп калды. Башкача айтканда алардын билдирүүлөрү иш жүзүндө көрүнгөн жок. Эки күчтү бири-биринен алыстатуу процесси али бүтө элек. Ошенте да Орусия Кытай аны Американын жана Украинага чоң аскерий колдоо көрсөткөн, Орусияга оор экономикалык санкцияларды киргизген НАТО өлкөлөрүнүн каршысында жалгыз калтырганын сезип жатат. Анткени, Кытай Украина согушу башталганга чейин Орусия менен “чексиз достук” деп аталган альянсты түзсө да эч нерсе сунуш кылбай келе жатат.

Д) Батыш Европа өлкөлөрү Трамптын бийликке кайтып келишинен коркушту. Бул анын президенттикке кайтып келишинеби же анын тобунун Конгрессти көзөмөлдөөсүнө байланыштуу болобу айырмасы жок. Анткени ал НАТОго эскирген альянс катары саясат алып барган. Европанын аскердик күчү алсыз жана Орусиянын экспансиялык саясатына туруштук бере албайт. Ошондуктан, Европа өлкөлөрү Байдендин администрациясынын кайтып келишине сүйүнүштү. Кошумчалай кетсек, америкалык газ компаниялары Байдендин администрациясын ыңгайсыз абалда калтырды. Европага орус газынын ордуна Америка газын төрт эсе кымбат берди. Буга Европа өлкөлөрү наразылык билдиришти. Президент Байден Украинадагы согуш учурунда өтө чоң киреше алып жатканын айткан компанияларды сындап кошумча салыктар менен коркутту. Байдендин өлкө ичиндеги мунайдын кымбатташын сындаганын түшүнүү керек, анткени Европадагы баанын көтөрүлүшү аны көп деле түйшөлтпөйт. Тескерисинче, Байден жүргүзгөн

Америка саясаты негизинен Германияга багытталган жана Европаны кыйратууну каалайт. Мындай саясат европалыктардын биримдигине сокку уруу үчүн Brexitти колдогон экс-президент Трамптын саясатына окшош.

8- АКШ Конгрессине орто мөөнөттүү шайлоолор көптөгөн ички жана тышкы аспектилерге ээ. Американын гегемониясынан улам бул шайлоолор глобалдуу окуя болуп калды. Бул АКШнын тышкы саясатына таасирин тийгизгендиктен, дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрү ага кызыгышты. Демек, бул шайлоо Британия өзүнүн малайларынан улуулук сезимин сактап калуу үчүн ММКлардан Британиянын ички окуяларын чагылдырууну талап кылгандан таптакыр башкача.

Бүгүнкү күндө «улуу» деп аталган өлкөлөрдүн абалы ушундай. Алардын ички окуяларына бүт дүйнө көз салып жатат. Аллахтын нусраты менен бүткүл дүйнөгө туура жолду көрсөтө турган Ислам Халифалыгы пайда болгондо, Ислам дүйнөсүндөгү ар кандай окуя куфр өлкөлөрү үчүн саясий мааниге ээ болот. Алардын ар бири Халифалыктагы өзгөрүүлөрдү жана бул өзгөрүүлөр өз өлкөлөрүнө кандай таасирин тийгизээрин изилдешет. Куфр өлкөлөрү азыртан эле Ислам дүйнөсүндөгү ар кандай окуялар менен алек болуп, исламий кыймылдарды күзөтүп, алардын маалымат каражаттары «мээлүүн» деп аталгандарды жарнамалап жатышат. Мунун каршысында алар өз үммөтүнө ыкластуу мусулмандарды үммөтөн алыстатуу үчүн бардык аракеттерди көрүүдө. Мунун баары “Ислам мамлекети” тикеленгенге чейин гана боло турган көрүнүш. Үммөттүн күч-кубаты жана мүмкүнчүлүктөрү мусулмандарды Аллахтын ыраазылыгына алып бара турган бир жетекчиликтин астында бириккенде эмне кылышат?! Ал күнү ар бир адам Үммөттүн күчүн жана улуулугун ошондой эле азыркы «улуу» деп аталган өлкөлөрдүн алсыздыгын көрөт.

Аллах айтат: “Ал эми заалым (каапыр) адамдар жакында кайсы дарекке барышаарын билип алышат” (26:227).

**19-ноябрь, 2022-м.**

## АКШ менен Европа ортосундагы саясий жана экономикалык кескиндик

**Суроо:** *Акыркы убакта Трамп менен Европа, Германия ортосунда саясий, экономикалык кризис күчтүү түс алды... Маалым болгондой, алакалардагы чыңалууну күчтүү түс алдыруу Трамптын шайлоо кампаниясы бүткөндөн кийин эле токтоп калат деп күтүлгөн. Анткени, көбүнчө Батыштагы саясатчылардын адаты ушундай. Бирок, алакалардагы чыңалууну күчөтүү Трамп бийликке келгенден кийин да уланды. Мунун себеби эмне? Кийин, эмне үчүн айрыкча Германия менен болгон алакаларда чыңалуу күчтүү түс алды? Америка менен Европа ортосундагы, айрыкча Германия ортосундагы чыңалуудан кандай натыйжалар күтүлөт? Аллах ыраазы болсун.*

**Жооп:**

**Биринчиден: алакалардагы саясий, экономикалык кризистин күчтүү түс алышынын себеби: Бул Трамп шайлоо кампаниясы учурунда жана андан кийин АКШ өзүнүн малайларын эсепке албаганда, өзүнүн союздаштарына карата берген менменсиген билдирүүлөрүндө ачык көрүнүп турат:**

1. АКШ мамбашы Трамп 2016-жылкы шайлоо кампаниясы учурунда берген билдирүүлөрүнө ишке ашырууга бекем туруп алды. Ал билдирүүлөрдө: Америка НАТОнун негизги чыгымдарын көтөрүп жаткандыгы үчүн НАТО өлкөлөрү АКШга карыз экендигин жана алардын коопсуздугун Америка камсыздап жаткандыгы үчүн алар АКШга акча төлөөлөрүн талап кылган билдирүүлөр болчу. 2017.01.20 Трамп бийликке келгенден баштап ал бул каалоолорун иш жүзүнө ашырууга жана аны Американын негизги позициясына айлантууга аракет кыла баштады. Европалыктардан, айрыкча Германиядан НАТО бюджетине кошкон каржы салымын дагы көбөйтүшүн талап кылды. Трамп НАТО тууралуу шек саноосун күчөтө берди. Германияга карата басым кылды. Ошондой эле

АКШнын Германия менен болгон соода балансы да төмөн экендигин билдирди. Вашингтондо Германия канцлери Меркель менен биринчи жоолугушуусунда эле бул маселени козгоду. «Америка мамбашы Трамп жума күнү Ангела Меркелди Ак үйдө кабыл алды. Бирок ортодогу чыңалуу ачыктан ачык көрүнүп турду. Айрыкча эркин соода жана миграция маселелери жаатында». («France 24», 17.3.2017). Меркелге жоолугуша электен мурда Америка мамбашы Дональд Трамп Германия Түндүк Антлантика союзуна «эбегейсиз акча» карыз экенидигин айтты. Америка аны коргоого алгандыгы үчүн Берлин АКШга акча төлөшү керектигин да айтты. Трамп бул сөздөрүн Меркель менен жоолугушуусунда да айтып өттү. «Трамп «Твиттерде» «Германия Түндүк Атлантика союзуна эбегейсиз акча карыз. Америка Германиянын коопсуздугун камсыздап берип жаткандыгы үчүн Германия Америкага көп өлчөмдөгү каражат төлөөсү акылга сыярлык иш» деп жазды». («Седьмой день», 18.03.2017). Германия бийлиги акча төлөөнү талап кылып жаткан Американын мафия бийлиги менен алака кылууну кескин четке какты. «Германиянын коргоо министри Америка мамбашы Дональд Трамптын Германия Түндүк Атлантика союзуна жана Америка НАТО чыгымдарын көтөрүп жаткандыгы үчүн АКШга эбегейсиз акча карыз деген түкшөмөлүн кескин четке какты. Ангела Меркелге жакын саналган Урсула фон дер Инь мындай деди: «Түндүк Атлантика союзунун карыз жаза турган каттоо эсеби жок» дагы кошумчалап: НАТОнун аскерий чыгымдары жалгыз эле Германияга кеткен аскерий чыгымдарга карап эсептебеши керек» деди». («France 24», 19.3.2017).

2. 2017.05.25 НАТОнун саамитинде Америка мамбашы Трамп бийик үн менен Европа өлкөлөрүнүн НАТО союзуна карата кошкон каржы салымдарынын аздыгы боюнча дагы маселе көтөрдү. «Америка мамбашы Дональд Трамп АКШы НАТОну колдоого алып жаткандыгы тууралуу сүйлөп жатып, Европа өлкөлөрүнүн жетекчилерин түйшөлтө турган сөздөр менен аларды таң калтырды. Видеодо Трамп НАТОго мүчө өлкөлөрдүн

жетекчилерин жемеге алган. Европа өлкөлөрүнүн жетекчилери өздөрүнүн тынчсызданып жаткандыктары, айран таң калуулары жүздөрүнөн билинип турду, өзгөчө Германия канцлери Ангела Меркель жана Франциянын жаңы шайланган мамбашы Эмануэль Макрондун. Трамп видео тасмада мындай деди («Араб 21», каналынын котормосу боюнча): «НАТОго мүчө өлкөлөр өздөрүнүн үлүштөрүн калыстык менен төлөөлөрү зарыл» жана аларды жемеге ала турган сөздөрүн да айтты: «НАТОнун 28 мүчө өлкөсүнүн ичинен 23ү өздөрүнүн милдетүү каржы салымын төлөбөй жатышат», дагы кошумчалап: «Иштин мындай түс алышы салык төлөп жаткан Америка жарандары үчүн калыс чечим болбойт». Дагы мындай деди: «НАТОго мүчө өлкөлөрдүн кээ бирлеринин карыздары өткөн он жыл аралыгында эбегейсиз көлөмдө чогулуп калды. Аны алар төлөй элек». Европа өлкөлөрүнүн жетекчилерин жемеге алгандыгын дагы күчөтүп мындай деди: «Өткөн сегиз жыл аралыгында Америка НАТО чыгашасынын НАТОго мүчө өлкөлөрдүн баардыгынан ашыкча көлөмдөгү чыгашасын Америка көтөрдү». НАТОго мүчө өлкөлөрдүн жетекчилери Трамптын бул билдирүүсүнө карата өздөрүнүн таң калгандыктарын жашырышкан жок. Алар Трамптан мындай күтүлбөгөн билдирүүлөрдү угушканда аларда тынчсыздануу, нааразылыктары жүздөрүнөн билине баштады. Трамп НАТОго мүчө өлкөлөрдүн жетекчилерин келекелеп: «Мен силерден НАТОнун жаңы штаб-квартирасынын наркын бир да жолу сураган жокмун. Мен аны сурабайын деп чечтим» деди» («Arabic 21» 27.5.2017).

*Трамптын ушул сыяктуу билдирүүлөрү жана позициясы анын Европа өлкөлөрү менен болгон алакасында кризистердин келип чыгышына жана анын күчөшүнө себеп болду.*

**Экинчиден: Европа өлкөлөрүнөн көрө Германия менен болгон алакада кризистин күчтүү түс алышына келсек, анын себеби төмөнкүдөй:**

1 – Германия Европанын негизги финансы борбору болуп саналат. Анын экономикасынын көрсөткүчү Америка, Кытай, Жапониядан кийинки эле көрсөткүчтө турат. Ошондуктан Америка кызыкчылыгы үчүн эбегейсиз көлөмдөгү акчаны Германиядан «саап» алуу үчүн Трамптын көзү Германияга түштү. Айрыкча Америка Орусия коркунучуна карата Германия тарабында экендигин жүйө кармоо менен Германияны НАТОго кошкон каржы салымын дагы да көбөйтүп төлөөсүнө түртүү болуп жатат. Америка мындай жүйөсүн Чыгыш Европа мамлекетерине карата колдонуп аларды Америка менен аскерий жаатында тыгыз байланыш түзүүлөрүнө өбөлгө жаратып алган эле.

2 – Ошондой эле Германиянын НАТОго кошкон каржы салымынын аздыгы. Берлин өзүнүн улуттук кирешесинин 1.2 пайызын (42 миллиард доллар) аскерий жаатка жумшайт. Ал мындай каржы салымын аскерий жакка жумшоо менен Франциядан да аз көлөмдө жумшап калат. Франция улуттук кирешесинин 1.79 пайызын (44 миллиард доллар) аскерий жаатка жумшайт. НАТОго мүчө өлкөлөр өздөрүнүн улуттук кирешесинин 2%ын аскерий жаатка жумшоолору керек. Бул милдетенмени Британия жана башка Европанын майда өлкөлөрү толук төлөйт. Бул милдетенмени континентеги негизги өлкөлөр лаазым тутушпайт. Маалым болгондой, Америка улуттук кирешесинин 3.61 пайызын (664 миллиард доллар) ушул тармакка жумшайт. Ошондуктан Америка өзү НАТОнун негизги чыгашасын көтөргөн мамлекетке айланып калды. (жогорудагы аскерий чыгашалардын көрсөткүчү 2017.05.27 «Арабий жадид» сайтында жарыяланган).

3 – Акыркы убактагы Америка менен Германия ортосундагы соода балансындагы тең салмаксыздыктын өтө күчөшү. Ал тең салмаксыздык алтымыш миллиард долларга чейин өстү. 2016-жылы Америка менен Германия ортосундагы соода көлөмү 165 миллиард долларды түздү. Анын ичинен 107 миллиард евро Америка Германиядан импорт кылган товардын көлөмү болду. Калган 58 миллиард евро Германиянын Америкадан импорт кылган товардын көлөмү болду! Мына ушундайча Трамп жана анын

тарапташтары Германияга каршы билдирүүлөрдү бере башташты. «Америка мамбашы Дональд Трамп Брюсселде Европа жетекчилери менен жоолугуушусунда Германиянын саясатына карата нааразылыгын билдирди. "Der Spiegel" журналынын маалыматында саммитеги катышуучуларга карата Трамп ушул маанидеги билдирүү берген: «Немистер абдан жаман. Карагыла, алар милиондогон машиналарды АКШга сатышат. Бул кооптуу, муну биз токтотушубуз керек»». («Россия сегодня», 2017.05.26). Ошондой эле Трамп «Твиттерде» мындай деди: «Кыска мөөнөттүн ичинде биз менен Германия ортосунда ири соода шайкешсиздиги бар. Буга кошумча алар НАТОго төлөй турган каржы салымын да толук төлөшпөйт». Дагы кошумчалап: «Бул иш Америкага карата өтө жаман, бул нерсе тез арада өзгөрүшү керек» («DW», 2017.05.30).

4 – НАТОнун саамити аяктагандан кийин чоң жетинин Италиядагы климат боюнча жоолугушуусу ийгиликсиз аяктады. Германия Европа позицисынан туруп билдирүү берүүгө жана аны коргоого алганга шашты. «Алжазира нет» 2017.05.29 маалыматына ылайык, Германиянын ТИМи Sigma Gabrial Америка мамбашын сынга алып анын саясатын «узака барбаган» көз караш деди. Жана Трамптын жетекчилиги астындагы Америка жетекчилиги Европа коомчулугу астында жетекчи боло албайт деди. Германия ТИМнин сөздөрүн 2017.05.29 «Седмой день» кабар агентиги да басып чыкты. «Америка мамбашынын аракеттери Батышты «алсыратты». «Айлана чөйрөнү коргоону алсыратуу жана башаламандык болуп жаткан аймактарда курал сатууну көбөйтүү, диний, саясий талаш тартыштарды жөнгө салууга кызыкдар болбой туруп, кайсы инсан климатын тез өзгөрүшүнө салым кошот. Европадагы тынчтык кооптуулука кептелип жатат». Вашингтондун саясатын сынга алып: «Анын көз карашы узака барбаган көз караш анын кесепети ЕБдиктин кызыкчылыгына доо кетирет» деди». Германия министрининин билдирүүсүнөн бир күндөн кийин эле Ангела Меркель өзүнүн таң калычтуу билдирүүсүн берди: «Ангела Меркель акыркы

убактарда өзүнүн союздаштарынан өөнөп калууга аракет кылып жаткан Вашшингтонго шилтеме берип: «Европа бүгүнтөн баштап башкаларга таянбашы керектигине анык көзүм жетти» деди. «Bild» газетасынын цитатасында: Ангела Меркелдин сөзүн келтирилди: «Биздин башкаларга сүйөнө турган заманыбыз өтүп кетти. Мен өтүмүштөн ушуну түшүнүп жеттим. Европалыктар тизгинди өздөрү алууга убакыт келип жетти»». («Россия сегодня», 2017.05.28).

5 – Америка «жасалма козголоңу» башталды. Германия Америка менен конфрантацияга барууда Европа атынан чыгууга аракет кылат. Айрыкча Германия өзүндө өзөктүк курал жок болсо да көп учурда Европанын позициясын билдирип өзүн дүйнөлүк күч катары көргөзгөнгө далаалат кылат. Эл аралык майданда өзүн көргөзүп кала турган ыңгайлуу учурду күтөт. Азыркы учурдагы Европадагы жана дүйнөдөгү абалды Германия өз улуулугун кайра кайтарып ала турганга жардам бере турган мезгил деп билип жатат. Ошондуктан ал Европа өлкөлөрүнүн Америка менен конфрантацияга барууда жана Орусия коркунучуна бет келүүдө четтелип калууларына көңүл бурбады. Германияны шыктандырып жаткан бул ыңгайлуу абалдын акыйкатына келсек, ал төмөнкүдөй:

а) Британиянын ЕБден чыгышы себебтүү. Германия ЕБ алкагында эл аралык майданга чыгууда Британия жана Франция тарабынан койулган эки тараптуу тоскоолдуктардан биротоло бошонуп алды. Анткени ал көбүнчө эл аралык майданда Британия жана Франция кызыкчылыгына кызмат кылган ЕБдин милдетенмелерине байланып калган эле.

б) Американын саясатындагы алсыздыктын пайда болушу. Американын жаңы мамбашы Трамп тарабынан «Биринчиден Америка» деген саясатынын негизинде Америка саясатында алсыздык жүз берди. Бул нерсе Германияны Америка чеңгелинен бошонууну жеңилдештирди. Германия жалпы Батыш кызыкчылыктары үчүн шериктештик кызматаштыгы астында Америкага баш ийип турган. Азыр болсо Америка союздаштарын

кызыкчылыгын эсепке албастан, өз кызыкчылыгына гана камчы чабаарын жарыя кылгандан кийин. Германия Америка саясатынан тышкары өзүнүн саясатын алга сүрөй турган абалды тапты. Трамптын бул саясаты Германия үчүн оңдой берди болуп ал жаңыдан майданга чыгуусуна шарт жаратты. Германия жана Европанын башка өлкөлөрүн Обама админстрациясы аларды Сирия маселесинен канчалык алыстатып койгондугуна күбө болушкан. Ошол үчүн Америка Сирия маселесине алыста жаткан Орусияны тартып келген. Антпесе бул Американын админстрациясы Батыш ааламы астында өз жоопкерчилигинин өтөөсүнө чыга албай калмак. Бирок Трамптын админстрациясы тажрыйбасынын аздыгынан, Европалык союздаштарына карата болгон жоопкерчилигинин өтөөсүнө чыга албастыгын ачык билдирди. Анын көзү бир гана Америка экономикасын көтөрүүгө жана дүйнөдө Америка жетекчилгин алып баруудагы каржылык жүгүн жакшыртуу жаатына гана кадалып калды. Мына ушундай алыска узбаган көз караштын негизинде Америка жапа чеге турган болуп калды.

в) Францияда түп тамырынан бери өзгөрүүнүн жүз бериши. Франциядагы акыркы шайлоодо Франция саясат чөйрөсүндө түп тамырынан бери өзгөрүүгө өбөлгө жаратты. Бул жараян Франция экинчи дүйнөлүк согуштан бери башкарып келе жаткан оңчул социалистер партиясынын саясий чөйрөгө таасирин азайты. Жакындагы 2017-жылдагы шайлоо бул партиянын саясий чөйрөгө болго таасирин биротоло жокко чыгарды. Эч бир партияга таандык болбогон кырктын кырындагы жигит мамбашылыкка келди... Франциядагы ушул жараян Европа жетекчилигине ат салышуудa, Германия Франциядан ашып өтүшүнө түрткү болду.

Германиянын Трамп саясатына каршы раеакциясында ал өзүн Европанын көрүнүктүүсү катары көргөздү. Ошондой эле бул шайлоо оюндарынын темасына да айланды. Меркелдин келээрки шайлоодогу атаандашы Америка саясатына каршы экендигин билдирди. Ангела Меркелдин атаандашы социал-демократия партиясынын төрөгасы Мартин

Шульц күчтүү Европа үчүн Трамптын саясатына каршы туруuda өзүнүн беш пунктан турган планын жарыялады. «Канцлердикке ат салышып жаткан Мартин Шульц парламентеги партиялаштары үчүнчү күнү Берлинде экономика жаатындагы адамдарга карата уюуштурган иш чарада сүйлөгөн сөзүндө мындай деди: «Биздин тынчтыгыбыз, бакубатыгыбыз, коопсуздугубуз үчүн күчтүү Европа негизги ролду ойнойт»» («Бүгүнкү пикир» сайты, 2017.05.31). Дагы: «Канцлердикке ат салышып жаткан Мартин Шульц Европадагы баардык демократиялар «Америка мамбашы Трампка өз чегин көргөзүп коюуларына чакырды». Социал-демократия партиясынн төрөгасы Мартин Шульц Берлинде дүйшөмбү күнү кечинде: «Ошондуктан убакыт милдети бул инсанга карата баардык мүмкүнчүлүктөр менен каршы туруу болуп саналат. Ошондой эле анын коркунучтуу саясатына каршы бизди куралданууга мажбур кылып жатканына да көңүл буруу зарыл» деди». («Арабий 21», 2017.05.29).

Мына ушул Трамп көрүп, угуп жаткан Германиянын позициясы. Ал Германияга карата чабуул кылуу менен ага кеңири мүмкүнчүлүктөрдү жаратып койду.

**Үчүнчүдөн: эл аралык майдандагы саясаттын өзгөрүүсүнөн күтүлүп жаткан натыйжанын басымдуу тарабы төмөнкүдөй:**

–Америка менен Европа ортосундагы жараканын тереңдеши себебтүү пайда болгон жараканы жамаш оңойго турбайт. Бир гана Америка Трамп башчылгынын мөөнөтү аягына чыга электен мурда бул нерсени түшүнүп жетсе гана жамап калыш мүмкүн... Муну тастыктаган дагы бир окуя 2017.06.02 Трамптын админстрациясы климат тууралуу Париж келишиминен чыгып кетиши болду. Бул жараян Американы Европа тараптан келген катуу сындын бороонунун каршысында жалгыз калтырды жана анын саясатын өтө ката болгонун бир ооздон айтып чыгышты. Айлана чөйрөнү коргоодо Европа жетекчилигине гана таянууга да чакырык салышты. «Римде чыккан шериктеш расмий баянатта: Франция мамбашы Эмануэль Макрон,

Германия канцлери Ангела Меркель Италия өкмөт башы Пауло Jntelaun Американын Париж келишиминен чыгып кеткен токтомуна өкүнгөндүктөрүн билдиришти. Ошондой эле ошол эле маалда келишимди кайра карап чыгуу мүмкүнчүлүгү жок экендигин да баса белгилеп өтүштү. Парижде Макрон Америка мамбашы Париж келишиминен чыгып кетүүгө токтом кылып таарыхый ката кылды деп айтты... Андан мурдараак Европанын климат маселеси боюнча комиссары Мигел Ариас мындай деди: «Климаттын жылышынын алдын алууда дүйнө Европага таянуусу мүмкүн» ошондой эле «Америка келишимди бир тараптуу бузгандыгына» терең өкүнгөндүгүн билдирди». («Алжазира нет» 2017.06.02). Америка менен болгон алакадагы бул жарака Европа өлкөлөрүн ана башыларын бүтүндөй курчап алды. Бир гана Британия адатынча жылаандай соймондоп мындан сырта калды. Ал адатындагыдай дүйнөдө негизги оюнчулардын бири макамына жетиши үчүн Америкага ыктаган абалында калды

–Европада келечекте күтүлүп жаткан нерсе Германия саясий жана экономикалык жактан өзүн көргөзүүсү дагы да күчөйт. Буга ишаара кылып турган нерсе Германия жооптууларынын Америка саясатына каршы берген билдирүүлөрүндө көрүнүп турат. Ошондой эле Германиянын Америка менен келишпестигин шардана кылып жатканында... Эгер бул кеңейе турган болсо Европаны бир топ силкинүүгө салат. Германияны тез арада оор куралдар менен куралдануусуна алып барат.

*Ушул эки нерсе күчтүү түс алганда эл аралык саясий майданда жаңы саясий этаптын пайда болушуна, кийин эл аралык абалдын өзгөрүшүнө алып барат.*

**Төртүнчүдөн: Ааламдагы мындай өзгөрүүлөр жана эл аралык абалдын жаңы өзгөрүүлөрү Халифат мамлекети жоктугу коштоосун да болуп жаткандыгы эң өкүнүчтүү.**

Халифат мамлекети жоктугу себебтен бул өзгөрүүдөн жана жаңы эл аралык абалдан мусулмандар пайдалана албай калат. Балким мусулман

өлкөлөрүндөгү малай акимдер Исламдын жашоого кайтып келип эл аралык майданга өз таасирин көргөзүшүнө каршы күрөштөрүн улантып жатышат. Андан да жаманы Үммөтүн экономикалык ресурстарын Американы кулатып салуунун ордуна, аны куткарып калууга жумшап жаткандыктары! Бирок, бул малайлар жана алардын кожоюндары Үммөт толкунуна каршы тура албайт. Курт аларды ичинен жемирет. Шарияты жашоого кайтарууга, Пайгамбарлык туура жолундагы Халифалыкты тикелөөгө аракет кылган ыкластуу мусулмандар жана аларды ээрчиген милиондогон мусулмандардан турган Үммөттүн толкуну каршысында туруу мүмкүн эмес. Бул толкун күн санап өсүп барууда анын жемиши Ин шаа Аллах жакынкы күндөрү бышып жетилет.

***«Аллах Өз ишинин өтөөсүнө чыгуучу. Аллах ар бир ишти кадарлап койгон»*** [65:3]

**12-рамазан, 1438-х.**

**7-июнь, 2017-м.**

**АКШнын Жакынкы Чыгыштагы саясаты**

***Суроо:*** *«Демократтар партиясы» конгресстин эки палатасына (өкүлдөр палатасы жана сенат) болгон шайлоолордо жеңишке жетишип, көпчүлүк добушка ээ болгондон бери алардын «Ортоңку Чыгыш кризиси», Палестина жана ага тиешелүү нерселер о.э. Ирак маселеси туурасындагы сөздөрүндө өзгөрүү күзүтөлдү. Бул нерсе Америка өкүлдөр палатасынын төрайымы Ненси Белоссинин ушул регионго жасаган сапарында демократтардын Ирактагы Америка армиясын камсыздоо үчүн каражат бөлүүгө карата туткан оппозициясында даана көрүндү... Ко-ош, бул нерсе Американын бул регионго карата алып бара турган саясатында өзгөрүү болгонун түшүндүрөбү?*

**Жооп:** Кошмо штаттар жана ага окшогон башкаруу тизгиндерин белгилүү мекемелер өз колунда кармап тура турган мамлекеттер өз

саясаттарын даярдыксыз, шашмалык менен же убактылуу көрүнүштө иштеп чыкпайт, тескерисинче, алар, айрыкча, кең көлөмдөгү пландарды жана негизги эрежелерди көңүл коюп текшерип, үйрөнүп чыккандан кийин гана иштеп чыгат. Ошондуктан, бийлик башында түрдүү партиялардын өкүлдөрү канчалык алмашпасын, алардын саясатындагы негизги иштер ошол бойдон өзгөрүүсүз кала берет, болгону бул иштерди ишке ашыруу ыкмалары же каражаттары гана өзгөрүшү мүмкүн.

Ошондуктан, Белосси 2007-жылы 4-апрелде сапарын аяктап, Дамаскта өткөргөн басма сөз конференциясында мындай деди: «Бул жерде биз ортого таштап жаткан маселелер жаатында бул делегация менен президент Буштун ортосунда эч кандай карама-каршылык жок». Ал мындан мурун 2007-жылы 1-апрелде Бейруттагы билдирүүлөрүндө сапарын өз мамлекетинин улуттук коопсуздугуна байлап, мындай деген эле: «Биз албетте дүйнөнү кантип дагы да көбүрөөк коопсуз кылышыбыз жана терроризмге каршы күрөшүүбүз мүмкүндүгүн көрүп турабыз».

Белоссинин жөөт мамлекетине, Батыш жээкке, Ливанга, Сирияга жасаган сапарындагы билдирүүлөрүнөн Американын бул регионго болгон карашында да жана пландарында да бирер өзгөрүү болгону сезилбеди:

Мисалы, ал 2007-жылы 1-апрелде, басып алынган Палестинага жана Батыш жээкке кылган сапарында араб мамлекеттерин жөөт мамлекетин тан алууга, зомбулук жана террорду таштоого, жөөт туткунду коё берүүгө, Палестинанын 1967-жылы басып алынган бөлүгүндө бир арзыбаган мамлекетче же мамлекетче сымал бир нерсенин болушуна жетишүү үчүн жөөт мамлекети менен сүйлөшүү алып барууга чакырды... Белосси ушуга чакырып жатып, 2007-жылы 1-апрелде т.а. Белосси жөөт мамлекетине сапар жасаган күнүндөгү басма сөз конференциясында жарыя кылган Олмерттин араб тынчтык демилгесин талкуулоо үчүн (Израиль)-араб саммитинде катышууга даяр экендиги туурасындагы сунушун мактоону унутпады. Бул болсо, Америка тышкы иштер министрлиги 2007-жылы 3-апрелде жарыя

кылган позициянын дал өзү. Себеби, бул министрлик Олмерт сунушун «туура сунуш» деп баалаган эле... Белосси араб демилгесинин артында Буш кеңсесинин өзү турганын, Палестина режими өкмөтүн анын эки канаты «Хамас» жана «Фатх» менен биргеликте араб мамлекеттери сыяктуу араб демилгесин макулдоого мажбур кылган да ушул кеңсе экендигин билет. Мындан максат Палестина менен Сирия чечиминин бир убакыттын өзүндө болушун жеңилдетүү экендигин, себеби, Сирия араб демилгесин макулдаган бир убакта Палестина өкмөтүнүн бир канаты «Хамас» бул демилгени макулдабагандыгын жакшы билет. Азыр болсо «Хамастын» ыраазылыгы жана «Фатхтын» мындан мурунураак берген ыраазылыгы себептүү, бир убакыттын өзүндө Палестина менен Сирия жаатында аракет кылуу мүмкүн болуп калды. Бул Американын чечим туурасында туткан эски-жаңы жолу. Араб лигасын ошол демилгени бүткүл дүйнө жана жөөт мамлекети менен биргеликте үгүттөө үчүн бир комиссияны түзүүгө үндөгөн нерсе – мына ушул!

Келип чыгышы сириялык болгон басма сөз магнаты Ибрахим Сулайман айткандай, жөөт мамлекети менен Сирия ортосунда сүйлөшүүлөр жүрүп жатат. Сулайман Ибрахим (Израиль) кнессетинин (парламенти) алдында сөзгө чыгып, Асаддын (Израиль) менен чыныгы тынчтыкты каалап жаткан жактоочу экендигин жана Ливан менен болгон согушта (Израилге) каршы фронт ачууну четке какканын айтты. Штабы Брюсселде жайгашкан кризистер тобунун жакында басып чыгарган отчётунда да муну күзөтүүгө болот. Себеби, отчётто айтылышынча, бул топ (Израиль) менен Сирия ортосундагы чечим долбоорун иштеп чыккан. Отчётто кризистер тобу өз долбоорун эки мамлекеттин жооптууларына сунуш кылгандыгы жана ошол жооптуулар аны кабыл алууга даяр экендиктерин билдиришкени баса белгиленет. Америка да ошол араб демилгеси араб мамлекеттери жана Палестина режими менен анын өкмөтүнүн «кыбласына» айлангандан кийин, Палестина режими жана анын өкмөтү менен жөөт мамлекети ортосундагы

сүйлөшүүлөрдүн тездешине кызыкдар. Булардын баарынан максат, Палестинага тиешелүү чечим жаатындагы сүйлөшүүлөр Сирияга тиешелүү чечим жаатындагы сүйлөшүүлөр менен бир убакытта барышы эле. Белоссини сапарында кызыктырган нерсе да дал ушул эле. Ошондуктан, ал Олмерттен Сириядагы Асадга сүйлөшүүлөр туурасындагы катты жеткирди жана Сириянын ошол катка оң жооп кайтарганын билдирди. Т.а. Белосси Палестина жана Сирияда чечим жаатында Америка планынын дал өзү боюнча аракет кылды.

Эми Белоссинин Ливанга жасаган сапарына токтоло турган болсок, ал Америка элчиси Вельтман аткарып жаткан Америка саясатынан өзгө эч бир нерсени келтирбеди. Себеби, анын сапарлары жана билдирүүлөрү Америка элчисинин сапарлары жана билдирүүлөрүнүн нак өзү болбосо да, окшош көчүрмөсү болду.

Белосси Ливан темасы Ливанда күчтүү таасирге ээ болгон Америка менен Европа (Франция, Британия) ортосундагы эл аралык күрөш экендигин жакшы түшүнөт. Американын Ливанда күчтүү таасирге ээ болушун Сирия «Тоиф келишиминен» бери он беш жыл бою камсыздап келген болсо, Европа Харирийдин өлтүрүлүшү окуясында Сирияны Ливандан айдап чыгаруу жана Ливанда өз таасирин толук болбосо да Америкага шерик болуп тикелөө үчүн бир ыңгайлуу учурду көрдү. Бул күрөш Америка жана Европанын Ливандагы жактоочуларында көрүнүп жатат. Ошондуктан, Белосси Дамаск менен диалогго киришүү пикирин жакшы деп баалады жана Сирияга сапар кылууга чечим кылды. Ал Сирияга сапар кылышынан мурунураак Ливанда билдирүү берип, мындай деди: «Ливандагы айрым проблемалардын чечими Дамаск аркылуу өтүшү керек деп билебиз».

Бирок, ал 2007-жылы 3-апрелде Сирияга жасаган сапарында өзүнүн бул сапары Беккер-Хамелтон комиссиясынын планын ишке ашыруу экендигин айтты. Ошол комиссия республикачы жана демократ эксперттерден туруп, анын планы регион маселелери боюнча Сирия жана Иран менен байланышта

болушун, айрыкча, бул экөөсүнүн Американы Ирактагы оор абалынан чыгарууда жардам берүү үчүн активдүү роль ойношун сунуш кылат.

Ошол эле учурда, Белосси (Израиль) менен Сирия ортосундагы проблемалар чечимин да талкуулады. Ал муну (Израилден) Сирияга сүйлөшүүлөр туурасында кат жеткиргени жана Сириянын бул катка оң жооп кайтарганы жөнүндө сүйлөгөн убакытта айткан эле.

Белоссиден мурунураак 2007-жылы 1-апрелде сенатор Френк Вольф башчылыгында үч республикачы мүчөдөн турган республикачылар делегациясы Сирияга келип, Асад менен сүйлөшүүлөр алып барган эле. Мындан эки күн мурун өкүлдөр палатасынын башчысы Ненси Белосси башчылыгындагы алты депутаттан – алардын арасында бир республикачы Девид Хуйсон да бар – турган делегациянын келиши маалым кылынган эле. Расмий өкүлдүн айтышынча, республикачылардан турган делегация алып барган сүйлөшүүлөрдө «Ирактагы жана жалпысынан региондогу абал» талкууланган. Америка конгрессинин делегациясы сириялык жооптуулардан Сирия менен (Израиль) ортосундагы ишенимге карата айрым кадамдарды таштоону талап кылды. (Израиль) тыңчысы Элли Кохендин өлүгүн (Израилге) кайтаруу жана бул делегация айткандай, президент Бушту «досубуз, анын кулагына жеткире алабыз, ал бизге кулак салат» деген этибарда Вашингтонго карата көрсөтүлгөн айрым демилгелерди бул делегациянын жеткириши мына ошол кадамдардын катарына кирет.

Ирак темасына келсек, Белосси Иракка сапар кылбады, балким, ал жерге кийинчерээк бармакчы экендигин айтты. Бирок, ошого карабастан, анын бул регионго Беккер-Хамелтон долбоорунан келип чыгып сапар кылгандыгынын өзү Американын Ирак жана Булуңдагы кызыкчылыктарын коргоо Буш кеңсеси менен демократтар ортосунда келишип алынган иш экендигин билдирет. Себеби, Беккер-Хамелтон планы мына ушул негизге таянат. Мейли, ыкмалар туурасында Буш кеңсеси менен демократтар ортосунда айырма болсо да, бирок, план ушул негизге таянат. Ошондуктан, конгресс

кулуарларында көрүнгөн республикачылар менен демократтар ортосундагы Иракта турган Америка кошуундарына каражат бөлүүнү ал жерден чыгып кетүү мөөнөтүнө байланыштуу кылып коюу жөнүндөгү тартышуулар, ар түрдүү көз караштар Американын ушул региондогу кызыкчылыктарын коргоо, анын Ирак жана Булуңдагы таасирин кепилдөө жана мол-көл нефть булактарынан пайдаланууну камсыздоо үчүн эң пайдалуу ыкмаларды тандоо гана болот, мындан башка нерсе эмес. Мисалы, республикачылар Беккер-Хамелтон планын баскычма-баскыч, акырындык менен ишке ашыруу керек деп билишет. Ошондуктан, алар азыр чыгып кетүүнүн анык убагын күн тартибине койбой жатышат. Демократтар болсо планды дароо ишке ашыруу керек жана чыгып кетүү мөөнөтү азыр белгилениши керек деп билишет. Бул эки топ тең Беккер-Хамелтон планында көрсөтүп өтүлгөндөй, кызыкчылык менен өкүмдарлыкты кепилдей турган сокку берүүчү аскерий күчтөрдүн калышын каалайт. Биз бул жөнүндө мурунураак бир толук билдирүү чыгарган элек.

Т.а. бул жерде региондогу, Палестина жана анын айланасындагы мамлекеттердеги (Сирия, Ливан, Ирак) кризиске карата болгон негизги көз караштарда эч бир өзгөрүү жок. Себеби, бул көз караш республикачыларда да, демократтарда да бирдей. Алар жалаң гана өздөрүнүн ушул региондогу кызыкчылыктарын сактоого кызмат кылуучу, регион нефтисинин үстүнөн кожоюн болушун кепилдөөчү жана аскерий күчтөрүнүн бул региондо ар дайым турушун камсыздоочу усул жана услубдарда гана бири-биринен айырмаланышат.

Балким, Ненсинин бул сапары парламентте көпчүлүктү түзүүчү демократтар төрайымынын алгачкы шайлоо алды сапары болот айтышыбыз мүмкүн. Себеби, демократтар партиясы Америка калкы Ирак баткагынан кутулууну каалап жатканын жана бул кутулууда Америка Иран менен Сирияны ишке салмакчы экенин жакшы түшүнөт. Буш да, демократтар да ушуну каалашат, Сирия менен Иран да муну четке какпай жатат. Буш жана

демократтар жалпы план жаатында бир пикирде, болгону ыкмада гана бири-биринен айырмаланышат. Мисалы, Буш президент болгондон бери «таяк» ыкмасын ишке салып келди. Ал «таяк урууну» баскычма-баскыч, акырындык менен ишке ашыруу ыңгайлуу деп билет. Ал Беккер-Хамелтон отчётунан бери ушул иш негизинде аракет кылып жатат, бирок, аны баскычма-баскыч ишке ашырууну каалайт. Демократтар болсо муну жакшы түшүнүшөт. Себеби, Беккер-Хамелтон комиссиясы жогорку даражадагы комиссия болуп, Буш аны артка таштай албайт. Бирок, ал бул комиссия планын баскычма-басыч, акырындык менен ишке ашырмакчы т.а. «таяктан» «таттуулукка» аста-секин өтмөкчү. Демократтар муну жакшы түшүнүшкөндүктөн, сапарга шашылышты. Алар Буш жана республикачылар «таяктан» «таттуулукка» көчүү үчүн ыңгайлуу чөйрө даярдашпастан мурун сапарга шашылышты. Ошондуктан, Ненсинин капилет сапары башталды. Мындан республикачылар тынчсызданып калды. Себеби, алар Ненсинин сапары өздөрүн кыйын абалга салып коёт деп эсептешти. Ошондуктан, Ненсиден мурунураак, Сирияга республикачылар делегациясын жиберишти. Максат, Ненсини «жеңиштен» т.а. Беккер-Хамелтон комиссиясынын планын биринчи болуп колдонгон шахс деген наамдан куру кол калтыруу эле.

**Тыянак:** Демократтар Америка калкынын Беккер-Хамелтон планы боюнча иш тутуп, Ирактагы оор абалдан кутулууга умтулуп жатканын түшүнүштү. Алар о.э. Буш жана республикачылар Беккер-Хамелтон токтомун аткарууга карай кадам таштап жатканын, бирок, аны акырындык менен ишке ашырмакчы экендиктерин да түшүнүштү. Ошондуктан, демократтар бул жаатта Бушка убакыт калтырбай Беккер-Хамелтон токтомун дароо ишке ашырууга киришишти.

Демократтарды буга үндөгөн нерсе келерки жылдын аягында боло турган президенттик шайлоолордо жеңип чыгуу үчүн коомчулуктун ишенимине жетишүү. Ошондуктан, демократтар өз шайлоо кампанияларын абдан эрте башташты деп айтууга болот. Себеби, бул кампания адаттагыдай

келерки жылдын ортосунда башталышы керек эле. Бирок, демократтар республикачылардын кыйын абалда калганын түшүнүп, аны бүгүн эле баштап жиберишти.

Бул нерсе республикачылар партиясы менен демократтар партиясы Иран жана Сирия үстүнөн таасир жана өкүмдарлык орнотуу жаатында бири-бирине карама-каршы деген маанини түшүндүрбөйт. Тескерисинче, алар болгону ыкмада гана бири-биринен айырмаланышат. Ал тургай, бул эки партия Беккер-Хамелтон комиссиясынын планы туурасында да түрдүү пикирде эмес, бир гана аны ишке ашыруу ыкмасы жана мөөнөтү туурасында гана түрдүү пикирде. Белосси өзү жарыя кылгандай, анын сапары Беккер-Хамелтон планын ишке ашыруу үчүн болду. О.э. жада калса, башкача ыкма менен болсо да, Буш кеңсеси Беккер-Хамелтон планын аста-секин ишке ашырууга киришти. Булардын жемиши катары 2007-жылдын 10-мартында «Багдад конференциясы» өткөрүлдү жана «Шармуш-Шайх конференциясын» 2007-жылдын 3-4-майында өткөрүүгө токтом кылынды. Бул эки конференцияда эң көзгө көрүнгөн катышуучулар Америка, Иран жана Сирия экендиги анык. Бул үч мамлекет өкүлдөрүнүн өз ара жолугушууларынан келип чыккан жана чыга турган натыйжалар, айрыкча, Шармуш-Шайхта күтүлүп жаткан натыйжалар маалым. Себеби, Шармуш-Шайхка Америка тышкы иштер министри о.э. Иран жана Сирия тышкы иштер министрлери келишет. Мунун артынан өткөрүлө турган жолугушуулардын баарында бүткүл этибар Иран жана Сириянын Американы Ирактагы оор абалдан куткарууга жардам берүү милдетин өз мойнуна алууга каратылат.

(Бул жооптор жиберилишинен мурун Америка тышкы иштер министрлиги эл аралык төрттүк комиссиясынын «араб демилгесин» талкуулап, илгери сүрүү үчүн арабий комиссия менен биргеликтеги жыйналышы 2007-жылы 3-4-майда боло турганын жарыя кылды. Бул министрлик о.э. Сириянын мына ушул арабий комиссиянын катарына киришин да жарыя кылды. О.э. Тегеран да Иран тышкы иштер министринин

Райс менен «Шармуш-Шайх конференциясында» жолугушууга даяр экендигин, бирок, талкууларда эмес, сүйлөшүүлөрдө жолугушууга даяр экенин билдирди!).

## Америка президенти кичүү Буштун Жакынкы Чыгышка сапары тууралуу

**Суроо:** *Жорж Буш эртең шаршемби күнү Жакынкы Чыгышка сапарын баштайт. Ал бул сапарын 2008-жылы 9-январда Палестинадан баштап, кийин Кувейт, Бахрейн, Эмираттар, Саудияга, кийин 16-январда Египетке өтөт, ошондон кийин Вашингтонго кайтат. Бул сапар менен бир убакта үгүт кампаниясы, айрыкча, Аббас режими тарабынан ушундай кампания алып барылууда. Бул режимдин айтымында, Буш бул режимге жөөт мамлекети менен бир катарда өз суверенитети жана бийлигине ээ болгон бир мамлекетти вужудга келтирип берүү үчүн келе жаткан имиш. Мындай сөздөр канчалык деңгээлде туура?*

**Жооп:** Буштун бул сапары кандай шарттарда өтүп жатканын күзөткөн адам төмөнкүлөргө күбө болот:

1 – Бул сапар АКШдагы шайлоо жылында болуп өтүүдө. Мындай жылы Америка президентинин эл аралык токтомдорду кабыл алуудагы кудурети төмөнкү деңгээлде болот. Ошондуктан да Британия эл аралык саясатта Америкага карата түздөн-түз атаандаш ролун ойногон кезде, Америкага каршы окуялаларды келтирип чыгарат. Мисалы, өткөн кылымдын элүүнчү жана алтымышынчы жылдарында Америка президенттиги үчүн шайлоо жылында ушундай кылган. Себеби президенттер жана алардын партиялары көбүрөөк шайлоо максаттары менен убара болуп калат. Ушул себептен улам, бирер Америка президенти шайлоолор жылында эл аралык саясат жаатында маанилүү токтом кабыл алууга кемден-кем жетишкен.

2 – Бул сапар жөөт мамлекети Кошмо Штаттардын Иран ядролук проблемасына карата аскерий жактан сууп калганына, айрыкча Америка

разведкасынын Иранды ядролук куралга ээ болууга аракет кылбай жатат деп актаган отчётунан кийин, мына ушундай сууп калганына тынчсызданып калган бир шартта өтүүдө. Бул иш (т.а. Ирандын ядролук программасы) жөөт мамлекетинин көңүл борборунда турат. Ошондуктан жөөттөр, «Едиот Ахронот» гезити кабар кылгандай, Израиль коопсуздук жана саясий аппараты ортосунда 2008-жылы 6-январда болуп өткөн «жашыруун» талкуулардан кийин, Буштун сапарына болжолдоп, Ирандын ядролук маселесине тиешелүү бир өзүнчө иш даярдап коюшкан. Чындыгында жөөт мамлекети «Иран ядролук куралга ээ болмокчу» деген сөзү боюнча эл аралык чөйрө, өзгөчө Америка чөйрөсүн курчутуу жаатында катуу мээнет сарптады. Ошол эле учурда, Кошмо Штаттар Иранга карата аскерий эскалацияны каалабайт. Себеби абалды Иран менен биргеликте саясий иш аркылуу тартипке келтирүү Америка үчүн маанилүү. Буга себеп Ирандын Афганистан маселесинде Америкага карата карманган оң позициясы. О.э. Ирак жаатында байма-бай сүйлөшүүлөр алып баруу баскычтары үчүн да бул зарыл.

Чындыгында жөөттөр айтылып өткөн отчёттон кийин Америка бул отчётто Иранга карата аскерий эскалацияга жол бербөө үчүн бир ылайыктуу жол тапканын түшүнүп жетишти. Бул болсо жөөт мамлекетин тынчсыздандырып койду жана Кошмо Штаттардагы жөөт лоббисинде буга каршы мамилени келтирип чыгарды. Буштун «маанилүүсү, регион калкы Иранга карата бардык варианттар дагы деле каралып чыгып жатканын түшүнүп жетиши» деп аскерий вариантка шилтеме жасаган акыркы билдирүүсү да жөөттөр тынчсыздануусун баса албады. Бирок Буш ошондон кийин «лекин мен бул проблеманы дипломатиялык жол менен чечишибиз мүмкүндүгүнө ишенемин» деп кошумчалап да койду.

3 – Буштун бул сапары демократтар партиясы Буш жана республикачылар партиясынын тышкы саясатта ийгиликсиздикке учураганына каршы катуу «шайлоо алды согушу» жарыя кылган жана бул партия «Америка эң маанилүү болгон Жакынкы Чыгыш регионунда (анткени

бул регион бай нефть кендерине ээ) жаман көрүнүп калды» деп айтып жаткан бир шартка туура келип калды. Мындан тышкары, анын бул сапары демократтар партиясы Буш жетекчилигинин Америка аскерлерин чыр-чатактуу региондордо коркунучка дуушар кылып жатканы жана аларга маани бербей жатканы жөнүндө дүрбөлөң көтөрүп жаткан бир убакытка да туура келди.

Буштун басып алынган Палестинага, Булуңга кийин Египетке жасай турган сапары мына ушул учурга туура келди:

Анын басып алынган Палестинага т.а. жөөт мамлекетине жасай турган сапарына келсек, Буш жөөт мамлекетинин ошол разведка отчёту натыйжасында жүзөгө келген тынчсыздануусун жоймокчу жана жөөттөргө Америка Ирандын ядро куралына ээ болушуна эч качан жол бербеши туурасында убадалар жана кепилдик бермекчи о.э. жөөттөрдү эң заманбап куралдар жана финансылык жардамдар менен камсыздамакчы. Буга кошумча түрдө, Буш Батыш Жээкте жөөт мамлекетинин тынчын бузган ар кандай аракетке каршы Аббас режимин ишке салып, жөөттөр коопсуздугун камсыздамакчы. Кала берсе, Буш Мубаракка Хамас менен Газада абалды тынчтандыруу боюнча сүйлөшүүлөр алып баруу о.э. туткундагы Шалет маселесин талкуулоо вазыйпасын да жүктөмөкчү.

Муну менен болсо Буш жөөттөрдүн Иран ядролук куралы жаатындагы коркуусун басып, аларды тынчтандырат жана Жээкте Аббас режимин жөөт мамлекетинин тынчын буза турган ар кандай аракетке жол койбоо үчүн ишке салып, Газада болсо Египетти ал жердеги абалды тынч абалга келтирүү жана Шалет маселесинде Хамас менен сүйлөшүүлөр алып баруу аркылуу жөөттөр коопсуздугун камсыздоо кызматтарын өтөп берет.

Булардын баары шайлоо алдындагы абал жаатында Кошмо Штаттардагы жөөт лоббисине өз таасирин өткөрөт.

Анын Булуңга жасай турган сапарына келсек, мындан максат демократтар партиясы көтөрүп жаткан дүрбөлөңдү басуу. Анткени Буш

аларга Америка бул региондо достук абалда кабыл алынат, аны бул жерде – демократтар «айтышып жаткандай» – жаман көрүшпөйт деп көрсөтмөкчү. Мындан тышкары, Буш ушул мамлекеттердеги Америка аскерлерин да барып көрөт жана өзүнүн аларга маани берип жатканын көрсөтөт. Анын Иракка барышы – мейли, ал жерге барышы анын сапар тизмесинде жарыяланбаган болсо да – ал жердеги аскерлер менен учурашышы ыктымалдан алыс эмес.

Египетке жасай турган сапарына келсек, ал Буш үчүн сапардын көңүлдөгүдөй аякташы болот. Себеби Мубарак Американын бул региондогу кызыкчылыктарын коруктоочу ишенимдүү кызматкери, ал «араб чүмбөтүн» жамынган жүгүртөк жана Америка таасирин сыгып чыгарууга урунган Европанын ар кандай таасирин алыска ыргытуу же ага чек коюу вазыйпасын аткаруучу бир саясий пружина болуп эсептелет.

Палестина режими адамдарга Буштун бул сапары аларга жакшылык алып келет, аларга саясий вужуд, мамлекет, чегаралар жана суверенитетти вужудга келтирип берет деп уктурууга аракет кылууда. Режимдин бул абалы кудум суу ичмекчи болуп бармагын сууга малып, бирок суу иче албаган кимсенин абалына окшойт! Негизи, Буш Махмуд Аббаска суверенитет жана бийликти вужудга келтирип берүү үчүн эмес, тескерисинче жөөттөргө материалдык жана коопсуздук кызматтарын көрсөтүп, аларды ыраазы кылуу үчүн келди. Жада калса туракжайларды бошотуп коюу туурасында жар салып, ооз көптүрүп, дүрбөлөң көтөрүп айтылып жаткан кеп-сөздөр да жалаң гана алдоо. Анткени жөөт туракжайларындагы үйлөр ар тарапка чачылып жаткан аракеттенүүчү үйлөр болуп, алар мына ушул максат үчүн т.а. Палестина режиминин корлорчо багынышына бартер кылуу үчүн курулган. Жада калса жөөттөрдүн өздөрү да бул үйлөрдү мыйзамсыз, башаламан туракжай очогу деп аташат!

Эми Буштун Палестинаны басып алган жөөт мамлекетинин жанында Палестина режими үчүн бир мамлекетче куруп берүү боюнча жарыя кылган

демилгесине келсек, Буштун өзү да шайлоолор жылы өзүнүн бул демилгени ишке ашыруу үчүн ыңгайлуу жыл эмесин түшүнө баштады. Себеби ал өзүнүн сапары алдында: «Жада калса Израиль жана Палестина жетекчилери ушул жылдын аягында бирер тынчтык келишимине жетишпеген тагдырда да, Палестина мамлекетине карай таштала турган кең кадамдарды белгилей алышыбызга толук ишенемин» деп билдирүү берди. Белгилүү болгондой, кең кадамдар дегени жөөттөр менен корлорчо сүйлөшүү алып барууну, жан берүү артынан дагы жан берүүнү улантууну түшүндүрөт. Акыры барып бул кең кадамдар жан берүүлөргө толуп кеткен кең көчөлөргө айланып калат.

Буш Палестинага жөөттөрдү тынчтандыруу, алардын коопсуздугун камсыздоо, өзү менен жөөттөр бөлүнбөс достор экенин, айтылып жаткан ошол Иран ядролук куралына каршы өзү жана жөөттөр бир сызыкта экенин айтып, жөөттөрдү бейгам кылуу үчүн келет.

Ал Булуңга өзүнүн шайлоо кампаниясында демократтар партиясынын «Америка жетекчилигин эң маанилүү болгон бул региондо жаман көрүшөт» деген пикирлерин маанисиз кылып көрсөтүү үчүн келет. Буш өз сапарын «Буш жетекчилиги жана республикачылар партиясы канчалык абройго ээ экенин» көрсөтүп коюу үчүн региондогу эң чоң араб мамлекети Египетте аяктайт!

Буш республикачылар партиясынын шайлоо кампаниясын биздин өлкөлөрүбүздөн: куттуу Палестина, зор маанилүү Булуң жана Миср Кинона…дан баштап жатат. Чындыгында биздин өлкөлөрүбүз колонизатор мамлекеттердин тышкы саясаты алкагына эле эмес, балким ички саясаты алкагына да кирип калды! Эгер өлкөлөрүбүздөгү акимдер динин дүйнө матасына, а түгүл башкалардын пайдасы үчүн сатып жиберишпегенде, башыбызга мынчалык кордук түшмөк эмес. Бул акимдердин «өнөрлөрү» өздөрүнүн башына көрүнсүн!

Палестинаны бул акимдер кайтара албайт о.э. Палестина режиминин Бушту күтүп алуу үчүн ашыгып чыгуулары да, жөөттөр менен сүйлөшүү

алып баруу үчүн учуп жүгүрүүлөрү да Палестинаны Ислам дияры кучагына кайтара албайт. Тескерисинче аны чегаралар аралык жихад кылууга атылып чыгуучу кошуундун жеңиштүү жүрүштөрү гана кучагыбызга кайтарат.

Палестинаны Алла Субханахудан эки жакшы акыбеттин бирин сурай турган мужахид, садык аким гана кучагыбызга кайтарат.

Палестинаны артында туруп согушула турган жана корголо турган калкан болгон халифа гана кучагыбызга кайтарат.

Палестинаны азиз, каримдин өкүм жүргүзүшү, пайгамбарлык минхажы негизинде туура жолду тутуучу Халифалык гана кучагыбызга кайтарат.

Палестина кучагыбызга мына ушундайча кайтарылат. Палестинаны, бүткүл Палестинаны кайтарып алууга жеткирүүчү туура жол мына ушул.

[إِنَّ هَذَا لَهُوَ حَقُّ الْيَقِينِ]

- *«Шек-күмөнсүз ушул нерселер дал чындыктын өзү!»* [56:95]

**30-зул-хижжа, 1428-х.**

**8-январь, 2008-м.**

## АКШнын Россия менен Кытайга карата саясаты

**Суроо:** *2005-жылы 25-августта Россия менен Кытай ортосунда ортоктош аскердик манёврлар болуп өттү. Аларда түрдүү кемелер, суу асты кемелери, вертолёттор, бомбалоочу жана кыруучу самолёттор катышты. Бул нерсе Россия менен Кытай ортосунда олуттуу жакындык пайда болгонун түшүндүрөбү? Анын Европа союзу жана Америкага карата кандай таасири бар?*

**Жооп:** 2005-жылы 18-25-августтар аралыгында Россия жана Кытай ортоктош аскердик машыгуулар өткөздү. Машыгуулар Россиянын Ыраакы Чыгышындагы Владивостокто башталды. Кийин Кытай жерлери болгон Шандунг жарым аралына көчтү. Анда эки мамлекеттин тең армиясынан 10 миңге жакын күчтөр катышты. Жер, аба жана Шандунг региону жээктерин жууп турган Сары деңизде манёврлар өткөзүлдү. Деңизде камалга алуу,

десант түшүрүү, калкты көчүрүү операциялары о.э. «жалпы коркунучка» каршы согуштар мына ушулар катарынан. Аларга «Тынчтык - 2005» аты берилди.

Эки кошуун ортосундагы бул машыгуулар этибар тарта турган даражада күчтүү жана кызуу түстө өткөзүлдү. Негизи, Хрущев 1961-жылы Кеннеди менен келишим түзгөндөн баштап, Кытай менен Советтер союзу ортосундагы алака жамандашкан эле. Советтер союзу майдаланган соң, анын мураскору Россия менен да ушундай болду. Ушул жылдын жазына чейин Россия менен Кытай ортосунда мындай машыгуулардын өткөзүлүшү мүмкүн эместей эле. Россия башкы штаб башчысы Юрий Балуевский Пекинге сапар кылып, кытайлык кесиптеши Ли Янг менен сүйлөшүүлөр алып баргандан кийин, Россия менен Кытайдын «келерки жылы биринчи өз ара ортоктош аскердик манёр өткөзүүгө» келишип алышканы жарыя кылынды. Бул кабарды ошол убакта, 2005-жылы 18-мартта «Al-Jazeera.net» таркаткан эле.

Бул манёврлардын таасирин билиш үчүн бир аз артка кайтышыбызга туура келет. Американын Кытайга карата туткан саясаты, аны четке сүрүү жана эл аралык мамилелери кеңейип кетишине жол койбоо эле. Америка 1989-жылы Кытай танкалары Пекиндеги студенттер кыймылын бастырган соң, Кытайга Америкадан да, Европа союзунан да курал экспорт кылынышына тыюу салды. О.э. Кытайдын эл аралык соода алакаларына да проблемалар туудурду. Айрыкча, 1990-жылдардын баштарында Советтер союзу кулагандан кийин Америка эл аралык абалды көзөмөлдөөнү улантты. Американын «ашыгы алчы түшүп» – Британиянын парда артынан айрым ташбиш туудурууларын эсепке албаганда – Европа менен шерик болуп, эл аралык абалды колго алды. Америка Кытайды эл аралык жактан жекелеп коюу, аны экономикалык жана аскердик жактан камал кылуу саясатын улантты. Бул саясат кандайдыр бир даражада Европа тарабынан колдоп-кубатталып, ийгиликке жетишип келди.

Бирок, 2001-жылы 11-сентябрь окуяларынан кийин Америка кекирейип, бүткүл аалам бойлоп чабуул планын ишке ашырууга киришти. Иракка агрессия кылууда Европанын пикирин назарына илбеди. Ушундан кийин Афганистан жана Ирак «баткагына» батып калды. Европа үчүн бул маанилүү эле. Бул нерсе Европага Американын тынчын алуу, ага каршы таасир көрсөтүүчү эшиктерди кагуу мүмкүнчүлүгүн берди. 1. Европа Кытайга курал сатууга тыюуну бекер кылууну актоочу негиздерди жарата баштады. 2. О.э. Россия да Америка таасирине каршы туруу үчүн – Кытай жана айрым Орто Азия мамлекеттери менен блоктор түзүүгө киришти. Мунун натыйжасында, Шанхай шериктештик уюму пайда болду. 3. Кытай менен Россия ортосунда мына бул үлкөн аскердик манёврлар өткөзүлдү.

1. Европа союузунун курал-жарак эмбаргасын токтотууга урунушу 2004-жылдын декабрындагы Европа союзу жетекчилери токтому менен башталган эле. Токтом «Кытайга курал-жарак жеткирип барууга тыюу салуучу хужжатты 2005-жылы июнь айынын акырына чейин бекер кылуу үчүн аракет кылууну» өз ичине алган эле. Бул тема ушул жылдын март айынан баштап, айрыкча, июнь айындагы Европа жогорку даражадагы учурашуусу учурунда Американы ачыктан-ачык тынчсызданта турган даражада козголду. Тыюу салууну токтотуу пикири Шрёдер менен Ширактан чыкты. Шрёдер ушул жылдын ортолорунда Германия парламентинде сүйлөгөн сөзүндө мындай деди: «Мен тыюу салуунун эч кандай кажети калбагандыгына толук канааттандым. Бүгүнкү Кытай 1989-жылкы Кытай эмес». Андан мурун ушул жылдын март айында болсо, Ширак өзүнүн Японияга кылган сапары учурунда Япония премьер-министри менен бирге өткөзгөн маалымат конференциясында: «Европа куралын Кытайга сатууну кайра баштоонун эч кандай коркунучу жок. Анткени, бул иш назик техника же куралга алакадар иш эмес», деп билдирүү жасаган эле. Кытай маалымат каражаттары кабар беришине караганда, ушундан кийин Ширак өзүнүн кытайлык кесиптешине коңгуроо кылып, мындай деген: «Европа куралдарын

сатуу жаатындагы тыюуну бекер кылуу лазым. Анткени, бул иш Кытай менен Европа союзу ортосундагы мамилелердин кызуу түс алышына жардам берет». Бул кабарды «Ал-Жазира» 2005-жылы 2-апрелде таркатты.

Көрүнүп тургандай, бул билдирүүлөр менен эл аралык алакаларды күчөтүү жана Американын Кытайды четке сүрүү турасындагы пландарына сокку берүү максатында болгон. Америка бул ишти өзү үчүн коркунуч деп эсептеди. Мамлекеттик катчынын орун басары Николас Бернс Вашингтондо билдирүү жасап, курал-жарак тыюусун токтотууну: «Бул иш түздөн-түз Кошмо штаттар кызыкчылыгына кооп туудурат», - деди. «Файненшл таймс» гезитинин Германиядагы басылмасы интернет аркылуу 2005-жылы 16-апрелде таркаткан кабарга караганда, бул ишти Америка мамлекеттик катчысы Райс «ката көрсөткүч» деп эсептеди.

2. Россиянын Америка жана анын Орто Азиядагы таасирине каршы Кытай менен уюмдар түзүшүнө келсек, Шанхай уюму Россия, Кытай, Казакстан, Кыргызстан, Тажикистан жана Өзбекистанды өз ичине алат. Өткөн июнь айында Шанхай жогорку даражалуу жолугушуусу Орто Азия жаатында Америка үчүн коркутуу эсептеле турган токтомду жарыя кылды. Ал «Вашингтондон Орто Азиядагы базаларды алып чыгып кетүү мөөнөтүн белгилөөнү талап кылуу» эле. Ушундан кийин эле Кыргызстан президенти Бакиев президенттик күрсүсүнө отурган соң, Америка базасынын өз аймагынан тездик менен алып чыгып кетилишин талап кылды. О.э. Өзбекистан президенти Каримов да Америкадан өз базасын алып чыгып кетишип талап кылып, бул иш үчүн алты ай мөөнөт белгиледи.

Америка региондогу Украина, Грузия, Польша, Латвия сыяктуу өзүнө тарапкер мамлекеттерден Россияга каршы уюшма түзгөн болсо да, баары бир Шанхай уюшмасынын таасири күчтүүрөөк.

3. Россия-Кытай күчтөрүнүн аскердик машыгуулары Американын Кытайга каршы иш-аракеттерине сокку болуп саналат. Мейли, ар эки мамлекеттин аскердик командачылары бул машыгуулар эч кимге карата эч

кандай коркутууну түшүндүрбөйт деп баса белгилөөгө унуруп жаткан болушса да, бул иштин ушунчалык үлкөн денгээлде өткөзүлүшү, айрыкча, атаандаш мамлекеттер ортосундагы тынчтык мамилелери тууралсындагы үрпкө каршы Вашингтондун күзөтүүчү катары бул ишке сунуш кылынбагандыгы, мунун үстүнө, бул машыгууларды Американын узактан күзөтүшү жана Пентагондун бул жөнүндөгү чыгарган токтому анын кандайлыгын көрсөтүп турат. Пентагон Россиянын стратегиялык бомбалоочу самолёттору, континенттер аралык баллестикалык ракеталары, авиа ташуучу кемелердин бул машыгууларда катышкандыгына өз тынчсызданоусун билдирди. Ошол эле учурда, Вашингтон өзүнүн Тынч океаны регионундагы көзөмөлүн күчөттү.

Ошондуктан, Кытай элдик университетиндеги эл аралык мамилелер илимдеринин профессору Конрунг мындай билдирүү берди: «Бул машыгуулардан эң биринчи көздө тутулган нерсе Кошмо штаттар. Анткени, ар эки тарап тынчтык, саясат жана экономикага алакадар иштердеги өз позициясын жакшыртып алууну каалайт». Ушул кеп чындыкка жакынырак.

Ушулардан көрүнүп тургандай, бул машыгуулар Американын тынчын алуу жана анын Кытайга карата туткан саясатына күчтүү сокку берүү. Анткени, алар Кытайды эл аралык майдандан четтетүүнү эмес, эл аралык таасир өткөзүүгө шерик кылууну түшүндүрөт. Дал ушул убакта, бул нерсе Американын Ирак жана Афганистан себептүү таң акыбалга түшүп калгандыгын да көрсөтүп турат. Болбосо, Россия жана Кытай аны менен мынчалык атаандаша албас эле.

Эми суроого байланыштуу эки нукта калды.

Биринчиси: Европа союзунун позициясы жөнүндө. Ушунусу анык, Европа, айрыкча, Ширак жана Шрёдер Американы тынчсыздантууну жактайт. О.э. Британия да убакыт келди дегинче бул күрөштү күч алдыруу үчүн парда артында аңдып турат. Мисалы, Автралиядагы союздаштарын Кытай менен мамилелерин жакшыртууга, курал тыюусун бекер кылууга,

Индиядагы Конгресс партиясындагы малайлары аркылуу Кытай менен жакындашууга кызыктырган мына ушул Британия. «Ал-Жазира» 2005-жылы 2-июнда кабар таркатышынча: «Кытай, Индия жана Россиянын тышкы иштер министрлери Россиянын Ыраакы Чыгыштагы Владивостокто топтолушуп, региондогу туруктуулукту кепилдөө үчүн өз ара шериктештик кылмакчы экендиктерин белгилешкен». Мындан тышкары, Европа бул манёврларды мамлекеттердин суверенитетине тиешелүү иш деп эсептеди. Мына ушулардан көрүнүп тургандай, Европа союзу – Франция, Германия жана Британия – мындай иштерди колдоп-кубатташат.

Экинчиси: Россия менен Кытай ортосундагы олуттуу жакындык туурасында.

Жакындыктын олуттуулугун көрсөтүүчү билдирүүлөр да болду. Мисалы, Кытай куралдуу күчтөрүнүн башкы штаб башкармалыгынын башчысы мындай билдирүү берди: «Бул манёврлар Москва менен Пекин ортосундагы байламталарды бекемдөөгө кызмат кылат. О.э. алар ар кандай жалпы коркунучка каршы турууда эки кошуун же эки мамлекет ортосундагы аскердик биримдиктин жаңыча бир түрүнө алып барат». Бирок, чындыкка жакыныраагы ушул, бул жерде кызыкчылыктар бири-бирине дал келип жатат. Себеби, Кытай коңулдан чыгууну, башкача айтканда, эл аралык майданда өз таасир күчүнө ээ болууну каалайт. Россия болсо өзүн эл аралык саясатта, айрыкча, Орто Азия маселесинде Америка аны менен эсептешиши керек болгон күч экендигин көрсөтүп коймокчу болуп жатат. Демек, бул жакындыкты стратегиялык шарттар эмес, баскычка тиешелүү шарттар талап кылып жатат.

Башкы штаб башкармалыгы башчысынын жана башка аскерлердин билдирүүлөрүнө келсек, алар саясий билдирүүлөр эмес. Ушуга ылайык, ал олуттуу кабыл алынбайт.

## АКШнын Россия менен Кытайга карата учурдагы саясаты

**Суроо:** *Америка президенти Обама мөөнөтү бүтүшүнөн үч жума мурда 2016-жылы 29-декабрьда Орусияга карата бир нече санцияларды жарыя кылды. Анын ичинде тыңчылык кылды деген шылтоо менен 35 орус дипломаттары Америкадан чыгарып жиберилди. Мэриленд жана Нью-Йорктогу диплматиялык кеңселерин жаап салды... Америка Орусияны Америкадагы шайлоолорго каршы электрондук кибер чабуул кылды деп айыптай баштагандан кийин эле, Америка менен Орусия ортосунда ушундай чыңалуу жүз берди... Американы ушундай кадамга барышка ушул нерсе түрттүбү? Же Орусиянын Сириядагы ролунун өзгөрүшү ушуну талап кылдыбы? Же башка себебтер барбы, өзгөчө, Обама Орусия менен алаканы чыңалтып жаткан учурда, Трамп Орусия менен алаканы жакшыртам деп билдирүү берди! Аллах сизге изгилик берсин*

**Жооп:** Жооп айкын болушу үчүн, учурда болуп жаткан абалды карап чыгабыз, кийин суроолорго Жооп беребиз:

Биринчиден: Учурда чындыгында, Америка менен Орусия ортосундагы алакада чыңалуу жүз берди. Орусия катты алары менен, тезинен Кремлдин пресс-катчысы Песков аркылуу Жооп кайтарды. Аны Американын күтүүсүз душмандык санкциясы катары баалап, мындай деди: «Америка-Орусия алакасы ийгилик чокусуна жетип калганда, Обама админстрациясы аны талкалап, жоготууда». Дагы мындай деди: «Москва Вашингтондун мындай кадамына татыктуу жооп берет». («Россия Сегодня» каналы, «Француз каналы» 2016-жыд 29-декабрь). Бул чыңалууну келтирип чыгаруу үчүн Америка төмөнкүдөй кадамдарды таштады.

1. Америка президенти Обама 2016-жыл 15-декабрь Орусиянын Америкадагы шайлоорго кибер чабуул кылганына АКШы Жооп берерин билдирип, «NPR» «»радиосундагы маегинде мындай деди: «Кайсы бир чет элдик өкмөт биздин таза шайлоолорубузга таасир көрсөтүүгө аракет кылгандыгы үчүн, ага жараша Жооп алат деп терең ишенем». Дагы

кошумчалап: «биз бир учур же орунду ылайык көрсөк, ошол учурда Жооп беребиз», - деди. Дагы айтты: «Жооп берүүнүн кайсы бир бөлүгү ачык болсо, кайсы бир бөлүгү ачык болбошу мүмкүн»... («Фарнезе» сайты 2016-жыл 16-декабрь). Мына ошондуктан, Обаманын Орусияга каршы жарыялаган санкциялары жарык көрө баштады.

2. Америка президенти Орусияга каршы чабуул кылды. «Аны чабал мамлекет» деп сыпаттап, мындай деди: «Алар алсыз, чабал, экономикасы нефть, газ, курал өндүргөндөн башка эч нерсе өндүрүп чыгара албайт жана өнүкпөйт...» («Россия сегодня» 2016-жыл 17-декабрь)

3. Америка финансы министирлиги 2016-жылы 20-декабрьда Орусиянын Крым жарым аралын басып алганына жана Украинада күрөштү улантып жатканына каршы Жооп катары, орусиялык жети ишкерге жана сегиз компанияга карата санкция чыгарды. «Reuters» кабар агенттиги, санкция жети кишиге каратылганын, анын ичинде Орусия бийлигине жакын «Банк России»нин да кадрлары бар экендигин кабарлады. Буга кошумча, Крым жарым аралында иштеп жаткан төрт курулуш жана транспорт компаниясын да санкция өз ичине алат... Америка админстрациясы бул санкциялар Орусиянын Крым жарым аралын басып алуусуна каршы багытталгандыгын билдирди...») («Dot Египет» 2016-жыл 20-декабрь)

4. Америка Орусиянын өзөктүк курал өнүктүрүшүнө каршы «жылдыздар согушу» прогаммасына кайтуу аркылуу, абалды чыңалттуу оюнун баштоосу. Бул алкакта Америка космосту аскерийлештирүүгө жол ачуучу мыйдамдарына оңдоолорду киргизди. Эскерте кетсек, Америка конгресси бул долбоорго маанилүү эки өзгөртүү киргизди. Биринчиси, Вашингтондун ракетадан коргонуу калканы чектелүүсүн жойот. Экинчиси, келечекте космосто бул системанын жаңы түзүлүштөрүн жайылтууну өз ичине алат. «Los Angeles Times» гезити: бул маанилүү өзгөртүүлөрдүн бирден бир демилгечиси болгон республикачыл Трент Frinstин бул өзгөртүүлөр «стратегиялык коргонуу демилгеси» программасына колдоо

көргөзөрүнө ишеним артарын басып чыкты. 1983-жылы Америка президенти Рональд Рейган бул программанын бет ачарын кылган. Бул долбоор «жылдыздар согушу» аталышы менен да белгилүү...») («Даарул ахбаар» сайты, 2016-жыл 24-декабрь). Мындан Орусия менен алаканы чыңалтуу көздөлгөн.

5. Американын өкүлдөр палатасы 2016-жылы 2-декабрда «Орусияга тоскоолдук» программасы алкагында, Америка коргоо министирлигине 2017-жылы 3.4 миллиард доллар бөлүүнү кабыл алды. Муну Америка өкүлдөр палатасынын 390у колдоп, 30у каршы добуш берди. Америка коргоо министири Эштон Картер АКШ конгрессине коргонуу бюджетинин чыгымдарын сунуштап жатып мындай билдирүү берди: «Европа Американын НАТОдогу союздашы болгондугу себебтүү, Орусия коркунучуна каршы туруу үчүн, Америка Европадагы турумдарын күчтөндүрөт...» («Спутник» орус агенттиги, 2016-жыл 3-декабрь)

6. Буга кошумча, Америка Сирия кризисин чечүүдө Орусиянын мартабасын түшүрдү. Керри-Лавров ролу менен Орусия аябай маашырланчу. Орусия муну Орусиянын улуулугун кайтарып алууга алып баруучу жол деп күтүп жаткан эле. Америка бул ролду Орусия-Түркия кылып алмаштырып койду. Америка Сирия кризисин чечүү жаатында өз планын ишке ашырууну кепилдөө үчүн, Орусия жана Түркия менен байма-бай сүйлөшүп турса дагы, Керри-Лавров ролун Орусия-Түркия ролуна алмаштырып койду. Муну менен, ал Орусияны Түркия деңгээлиндеги мамлекетке түшүрүп койду. Бул дагы Американын Орусияны кысымга алуу алкагына кирет.

7. Бул чыңалуу Орусияны иш жүзүндө коркууга салды. Американын президенти Обама жарыялаган санкцияларга каршы Орусия президенти Путин мындай деди: «Москва Американын жаңы санкцияларына каршы Жооп берет. Бирок, учурдагы Америка админстрациясынын деңгээлине түшпөйт. Дипломаттарды бутага албайт». Дагы кошумчалап: «Америка дипломаттарын чыгарып жибербейбиз, алардын бирин да куугунтука

албайбыз. Алардын үй-бүлөлөрү жаңы жыл тосуу аземдерине келишине тоскоолдук кылбайбыз. Буга кошумча, Орусияда иштеп жаткан америкалык дипломаттарды Кремлдеги жаңы жылды тосуу аземине чакырабыз...» («Россия сегодня», 2016-жыл 30-декабрь) Бул Москванын адаттагы Жооп кайтаруу жол жобоосунан башкача түстө, чегинүү түрүндө болду. Бул эки маселде көрүнөт:

Биринчиси, Орусиянын Вашингтон менен чыңалууну дагы улантуудан кооптонуп, анын кесепетеринен аябай чочулоосу.

Экинчичиден, Орусия Америка бийлигине жаңы шайланган Трамп келсе эки өлкөнүн алакасын кайрадан тикелеп алам деп, ошого үмүт артууда. Орусиянын адаттанып калган саясий сокурдугу. Ал Трамп бийликке келсе Американын Орусияга карата көз карашы өзгөрөт деп күтүп жатат. Америкада үлкөн башкаруу институттары бар экенин, тышкы саясатты алып барууда – Америкага кандай президент келбесин, кайсы партиядан болбосун, айырмасы жок – алар ушул башкаруу инстуттары тарабынан жетектелээрин Россия көз жаздымда калтырып жатат. Трамп менен Обаманын ортосундагы карама-каршылыктар, бар болгону, чийилип коюлган Америка саясатын ишке ашыруудагы ыкмалар гана.

Экинчиден: Суроолорго келсек,

1. Обама админстрациясы бул санкцияларын – Орусия Сириядагы эл аралык миссиясын бекем аткарышына – көзү жеткенден кийин гана жарыялады. Анткени, Орусия Сирияда эл аралык миссиясын Америка каалагандан ашыра аткарууда. Америка Орусияны Сирия сазына болушунча батырып койду. Аны Сирия баткагынан чыгып кете албай тургандай даражада батырып койгон. Америка бул жаатта көңүлү тынчыгандан кийин, Орусия мартабасын Түркия деңгээлине түшүрдү. Америка-Орусия эмес, Түркия-Орусия кылып койду. Бул Америка менен Орусия ортосундагы чыңалуунун жана Американын ага карата кысымынын Сирия маселесине эч кандай алакасы жок. Анткени, Орусия Сирия маселесинде Америка

кызыкчылыгы үчүн жан үрөп кызмат кылууда. Америка бул жаатта эч шектенбейт. Балким, Орусиянын Сириядагы саясаты – Америка малайлары болгон Иран,Түркия, Сирия режими жана Сирия оппозициясынын – карамагына өтүп калган. Орусия бул жерден өзүнчө саясат алып кетиши мүмкүн эмес. Орусиянын Сириядан чыгып кетиши да жана аны белгисиздик абалда таштап кетиши да мүмкүн эмес болуп калды. Ошондуктан, ал Латакия менен Тартустагы аскерий базаларын кенейтип, күчтөндүрдү. Ошондой эле, Сирияда этибарлуу кургактык күчтөрү жоктугуна байланыштуу, ал салгылашууларды чечкиндүү көзөмөлдөй албайт. Ушунун баары Орусиянын Сириядагы ролу дайымий болушуна алып барды. Ошентип, Орусия Сирия кризисинде Америка саясатына бүтүндөй чырмалып калды. Ошондуктан, Америка менен Орусия ортосундагы бул чыңалуу – Орусия Сирия кризисинде Америка берген ролду аткарбай койуу себебинен – келип чыккан жок. Анткени, Орусия Сирия кризисинде Америка ага сызып берген план алкагында иш алып баруудa.

2. Орусия кибер чабуул жасап, анын натыйжасында демократтардын кандидаты Хиллари Клинтондун жеңилип калгандыгы себебтүү, АКШ президенти Обама Орусияга каршы санкцияларды киргизди деп ойлоо туура эмес. Анткени, эгер ошондой болгон болсо, Обама админстрациясы 2016-жылы 19-декабрь шайлоо коллегиясы Трамптын жеңишин расмий жарыялаганга чейин бул санкцияларды тезинен киргизмек. Ал эми, Трамптын президент болуп шайланганы расмий жарыяланып жана конституциялык институттар тарабынан да тан алынгандан кийин иш козгоо болсо, бул президенттик шайлоого жана келерки президентке карата өтө күчтүү шек-күмөн жаратмак. Мындай болушу кайсы Америка администрациясы болбосун кабыл алынбай турган иш... Мейли, расмий жыйынтык чыга электе санкцияларды киргизүүгө абал тоскоолдук кылды деп ала турган болсок дагы, ири мамлекеттердин саясий түшүнүгү боюнча, жаңы президенттин расмий жеңишин тан алгандан кийин анын жеңишине көлөкө

түшүрүүчү киберчабуулду пайдаланбастан, башка ишти пайдаланмак. Ошондуктан, жаңы президенттин жеңиши расмий жарылангандан кийин, Орусия шайлоого кийлигишти деген шылтоо менен санкцияларды киргизгендиги – санкция киргизүүнүн чынынгы себеби эмес.

3. Орусия президентинин билдирүүсүндө келгендей, Орусиянын өзөктүк ракета куралын өнүктүрүүсү – Американын Орусияга карата басым жасоосунун себеби деп да айтылууда. (Орусия президенти Путин Москвадагы коргоо министирлеринин жыйынында сүйлөгөн сөзүндө мындай деди: «Биз Орусияга коркунуч жарата турган кандай күч болбосун ага каршы тура турган, жаңы үлгүдөгү стратегиялык өзөктүк куралдын натыйжалуулугун жаңы деңгээлде жакшыртуубуз зарыл») («Anatolia» кабар агентигинин сайты, 2016-жыл 22-декабрь) Мунун бир аз таасири болгону менен, бирок Орусиянын экономикалык чабалдыгы Москванын бул жаатта олуттуу иш алып барбашын айгинелейт. СССР кулагандан бери Америка, жалпы Батыш Орусиянын негизги экономика тармагын иштен чыгарып салган. Орусия аскердик өнөр жайын сактап калганына карабастан, чийки сырье өндүрө турган мамлекетке айланган. Тактап айтканда, Орусия эл аралык деңгээлде Америка менен ат салышууга аракет кыла албайт. Балким, ал Америкадан Орусияны эл аралык саясатта роль ойноочу катары кабыл алуусун суранып жатат. Бул өтүнүчтү Америка жалпы түрдө жана майда-баратына чейин кабыл албай жатат. Ал тургай, Орусия Сирия майданында Америкага кызмат кылганына жана башка эл аралык маселерде аны менен шериктеш иш алып барганына карабастан, Америка аны ири мамлекет деп тан албады. Тактап айтканда, Орусия СССРдин жана СССР менен Америка ортосунда жетишилген тарыхый келишүүлөрдүн мураскери болгондуктан, Орусия Сирияда Америкага кызмат кылуу аркылуу кайра дагы аны менен келишүүлөргө барам деп үмүт кылды. Ошондой эле, ал Америкадан эл аралык майданда көбүрөөк кызматашууну да өтүндү. Бул бир нерсени берчүдөй болуп көрүнгөнү менен, орустардын саясий аң сезиминин

алсыздыгын гана көргөзөт. Америка дүйнөгө колу жете баштаганда эле СССР менен жетишилген тарыхый келишүүлөрүн артка таштаган. Азыр анан кантип – Обама айткандай чабал мамлекет менен – келишүүлөргө бармак эле? Орусия азыркыдай чабал абалы менен Америкага иш жүзүндө бул чыңалууга Жооп кайтаруучу коркунуч жарата албайт.

Ушулардан көрүнүп тургандай, Орусиянын өзөктүк куралын өнүктүрүшү тууралуу берген билдирүүсү – учурдагы Америка президенти Обаманын Орусияга карата чыңалуу жаратуусунун негизги себеби эмес.

Үчүнчүдөн: Жогоруда айтылган абалдар бул чыңалуунун негизги себеби эмес, балким, анын себеби бөлөк жана ага төмөндө токтолобуз:

1. Кандай саясий аң-сезимдүү адам болбосун, бүгүнкү күндө Американын алдында турган эл аралык орчундуу маселе – бул Кытайдын пайда болушу экендигин жеңил эле идирек кылат. Кытайдын дүйнөдө экинчи орунда турган экономикалык кубатка ээ болушу, Американын ааламдагы экономикалык кубатына коркунуч жарата турган күчкө айланды. Кытайдын аскерий жакка сарптаган каражаты – Орусия, Бртитания, Франция, бардыгын кошкондо да – алардан ашып түшөт. Балким, анын аскерий жашыруун программалары да көп. Кытай Америка саясатчыларынын баш оорусуна айланды. Акыркы учурда Америкалык жооптуулардын бардык билдирүүлөрү ушул жаатка каратылып жатат. Америка коргоо министири Эштон Картер Кытай аскерий кубатын күчтөндүрүп жатканына этибар каратып, «Америка өткөөл этапка келди» деди... («Washington DPA» агенттиги) Эштон Картер Калифорния штатындагы коргоого арналган форумда «14 жылдан бери өзгөрүүсүз келе жаткан тероризм менен күрөшүү...» деген сөзүнөн кийин мындай деди: «Биз келечегибизге коркунуч жарата турган коркунучка каршы туруу үчүн стратегиялык өткөөл этапка кирүү алдындда турабыз...» Картер дагы мындай деди: «Кытайдын түштүк Кытай деңизиндеги жерлерди аскерлештирүүсүн активдештирүүсү өтө коркунучтуу абал жаратат...» («Кудус арабий» 2016-жыл 8-ноябрь) Кийин Обама Америка келечеги

бүгүнкү Азияны колго алуусунда экенине этибар каратты. «Америка президенти Обама анын президентик мезгилинде Американын тышкы саясатын тең салмактуулукка келтирүү алкагында Азияга көбүрөөк басым жасалып жатканына токтолуп: «Убактылуу өтүп кете турган иш» эмес», - деди («Вьентьян», «Reuters», «Седьмой день» 2016-жыл 6-декабрь) Азияга көбүрөөк көңүл бурганы – Кытайга каршы турганын билдирет.

2. СССР менен Кытайдын ортосунда коммунистик партия түрткүсүнөн келип чыккан жакындашуу тарыхын Америка башынан өткөргөн. Америка ошол учурда СССРдин жеңилишине катуу аракет көргөн. СССРдин Кытай менен жакындашуусун өзүнө иш алып баруу орду кылып белгилеп алган. Америка СССРди алсыратуу жана жеңүү максатында, Кытай менен СССРдин жакындашуусун ажыратууну негизги иш деп билген. Ошондо СССР менен Кытайдын алакасын силкинте турган Киссинжердин программасы жүзөгө келди. Америка бул пландын негизинде ири ийгиликке жетишти. Азыр болсо абал тескерисинен. Америка Кытайдын кубатынан коркуп жатат жана анын Орусия менен жакындашуусун да күзөтүп жатат. Америка Кытайды алсыратуу үчүн Орусия менен Кытайдын жакындашуусуна чек койууну зарыл деп билди. Тактап айтканда, мурдагыдай эле, бирок тескерисинен. Буга «Вашингтон Пост» гезити да ишара кылды. 2016-жыл 18-декабрь «Россия сегодня» андан көчүрүп басып чыкты. Макалада мындай келген: 45 жыл мурун Америка президенти Никсон Пекин менен болгон алакага жарака кеткендигин шылтоо кылып, «үчилтик» СССР-Америка-Кытай шериктештигин өзгөртүү аракетин баштаган. Ошол маалдагы улуттук коопсуздук боюнча кеңешчиси Киссинжер менен Кытайга жасалчу иш сапары жаатында кеңешкен. Киссинжер Никсонго мындай деген: «Кытайлар деле Орустар сыяктуу коркунучтуу. Эгер тарыхый жактан алып карала турган болсо, алар орустарга караганда көбүрөөк коркунучтуу». Киссинжер дагы мындай деди: «20 жылдан кийин да Америка башына келе турган

президент сендей башчы болсо, Кытайларга каршы саясатында Орустарга таянат».

3. Ушундан көрүнүп тургандай, Американын Орусияга каршы акыркы санкцияларынын максаты – бир топ убактан бери Орусияга каршы колдонуп келген кысымдын уланышы. Бул кысымга конгресстеги Трамптын партиялаштары болгон республикачылардын көпчүлүгү жана демократтар салым кошкон. Бул кысым Американын Орусияга карата жаңы саясаты. Мындан максат, Америка Орусияны Кытайга каршы турууда өзү менен кошо бир сапта турууга тартуу. Обама администрациясы Орусия менен болгон алаканы түпкүрүнө жеткире талкалап салды деп, Америка жана Орусиянын жооптуулары тынбай билдирүүлөр берип жатышат. Бирок Орусия, Трамптын бийликке келүүсүндө Орусия менен Америка алакасын калыбына келтирүүчү алтын мүмкүнчүлүк бар деп билүүдө! Тактап айтканда, Америкадагы туруктуу башкаруу институттары Обама админстрациясы калтырган Орусия менен болгон чыңалууну – келээрки Трамптын админстрациясы менен толук түшүнүшүүлөргө барганга чейин – Орусияга каршы дагы колдонот. Башкача айтканда, Орусия-Америка алакасын оңдоо – бир гана Орусия Кытай жаатында Америка талаптарына макул деген мунасага келиши менен болот. Путин менен Трамптын достугу жөнүндө таралып жаткан кептер ушуга байланыштуу, ал экөөнүн достугу Кытайга биргеликте каршы туруу менен гана болот.

4. Жогоруда айтылып өтүлгөндөрдүн үстөм болушун келерки президент Трамптын Америка менен Кытайдын ортосундагы чыңалууну дагы күчөтө турганы тууралуу берген билдирүүлөрү кубаттап турат. Трамп мансабына келе элек жатып эле, шайлоодо берген убадаларын аткарарын, тактап айтканда, Америка компанияларын жандантуу максатында Кытай товарларына салыкты көбөйтө тургандыгын билдирди. Бул дегени, Кытай үчүн соода-сатык жагынан чоң коркунуч дегени. Америка Тайвань президенти менен байланышууну демилгелей баштады, бул дегени,

Американын Кытайга кысым өткөрүүчү коркунучтуу ишарасы. Ошондуктан, Америка «жалгыз Кытай» деген саясатынан баш тартты. Бул Кытайга карата саясий коркунуч эсептелет. Ак үйгө келе турган жаңы админстрациянын бирден бир маселеси – бул Кытайдын эл аралык майданга оркойуп чыга келишинин алдын алуу болуп саналат. «Россия сегодня» агенттиги «Вашингтон Пост»тон 2016-жылы 18-декабрда көчүрүп басып чыккан маалыматта мындай делет: Президентикке жаңы шайланган Дональд Трамп Американын Кытай жаатындагы саясатын кайрадан карап чыгуу мүмкүнчүлүктөрүн караштырарын айтты. Трамп Кытайга каршы катуу кол саясатын баштоого чакырык салды. Муну ал билдирүү жана телефон аркылуу суйлөшүүлөрүндө билдирди. АКШнын жаңы шайланган президенти Трамп Тайвандын президенти менен телефон аркылуу байланышты. Бул канча жылдан берки биринчи жолку сүйлөшүү болду. Ошол эле маалда, Трамп Американын «Fox News Sunday»ге берген маегинде, Вашингтондун Никсон доорунан бери Кытай жаатында карманып келе жаткан «жалгыз Кытай» саясатынын тууралыгына шек-күмөнү бар экенин айтты. Ошондой эле, Кытайды соода-сатык тармагында айла-амал иштетип жаткандыгы менен да айыптады.

5. Ал эми Трамптын Кытайга каршы Орусия менен келише турган келишими кандай болоруна келсек, Америка Кытайга каршы туруууда Орусия экономикасын чабал кылууну пландаган жок. Ошондой эле, Кытайга каршы Орусия сакофатын колдонууну пландаган жок. Орусия СССР кулагандан бери анын өзүнө таандык сакофаты жок. Америка Орусиянын аскерий кубат эшигин ачык калтырды. Орусиянын аскерий кубаты Кытайга каршы туруууда Америкага жардам бериши мүмкүн. Мисалы, Түндүк Кореянын өзөктүк куралына каршы туруууда Америка өзү менен шериктеш болууну Орусияга жүктөйт. О.э. Кытайдын кубаты өзүнөн, же Орто Азиядан өсүп чыгышы коркунучуна каршы туруууда да Орусияны өзүнө шерик болууну ага жүктөйт. Ал тургай, Кытай деңизинде дениз кемелеринин жүрүшүнө байланыштуу

өзүнүн саясатында да Орусияны ага шерик болгонго милдеттендирет. Мунун баары Орусия үчүн эл аралык майданда өзүн-өзү жарга түрткөнгө тете. Бирок, Орусия Американын бул саясаты аркылуу өзүнүнүн ири мамлекет деген сөлөкөтүн сактап калууга өбөлгө жаралуу мүмкүнчүлүгүн табам деп үмүт артууда! Американын Кытайга каршы туруудa Орусияны Америка менен шериктеш болууга карата кылып жаткан Америка кысымынан кутулуп кетүү мүмкүнчүлүгү өтө арсар. Анткени, Орусия саясий сокурлук менен ооруйт. Бул анда өнөкөт оорууга айланган. Ошондуктан, ал кесепеттердин келип чыгуусуна карабайт. Сирияда жапайы кыргын кылышына каршы мусулмандар каары козголгонуна карабады. Бул анын саясий сокурлугунун натыйжасы. Ал мусулмандар дегенде азыркы мусулман акимдерди гана этибарга алып, аны чыныгы коркунучка сала турган мусулмандар ичиндеги нерсени көрө албады. Ал Американын Сирияда эмнеге мындай кыргынды өзү кылбай жатканын да түшүнбөдү. Анткени, Америка бул малай акимдердин артында мусулмандарда эмне жатканын абдан жакшы түшүнөт. Ошондуктан, Обаманын Орусияга каршы бул санцияларды киргизүүдөгү максаты – Орусияны бурчка такоо жана аны Трампка «дос» кылып тартуу! Муну менен, Орусияны Кытайдан алыстатуу үчүн Трамп менен боло турган мунасага жол салынат. Балким, Орусияны Кытайга душмандык кылууга алып бара турган жол салынат. Мына ушул Обаманын мөөнөтүнүн акырында Орусияга каршы киргизген санкцияларынан көздөлгөн максат деген үстөм көз караш. Обаманын бул санкциялары аркылуу, Америкадагы башкаруу институттары белгилеп берген Америка саясатын ишке ашыруучу келерки президент Трампка жол салып берүү көздөлгөн... Америка саясатын башкаруу институттары белгилейт, аны президенттер ишке ашырат, ал кайсы партиядан болбосун, айырмасы жок.

6. Ал эми Кытай аны курчап келе жаткан коркунучту сезди. Ошондуктан, ал Орусияны этияттык менен болсо да инвестиция аркылуу алдоого өттү. Аны менен биргеликте аскерий машыгууларды өткөрдү.

Коргоо кеңешинде Сирияга байланыштуу ветодо Орусия тарапта турду. Ушунун баары Вашингтон Орусияны өзүнө каршы пайдаланып кетүүсүнүн алдын алуу иш-чарасы болду. Бирок, Кытай саясатчыларынын Орусияга каршы душмандык көз караштары үстөм. Кытайдын өсүп жаткан экономикасы сырьего жана энергия ресурстарына мухтаж. Бул экөө тең Орусияда. Ушул душмандык көз караш Кытайды парда артына кирүүгө түрттү.

Ошондой эле, Кытай Американын да ага карата душмандыгын аңдап билет. Обаманын Кытайга болгон иш сапарында аны шылдындаганы буга ишара кылып турат. Америка президентинин «чоң жыйырмалыктын» самитине катышуу үчүн Кытайга болгон иш сапарында, Обама «Khoanju» аэропортунда учактактан атайын даярдалган тепкич менен эмес, өзгөчө кырдаалда колдонула турган тепкич менен учактын артынан түшүүгө мажбур болду. Бул өзгөчө кырдаал же техникалык себебтерден улам болгон жок, балким, Кытай бийлиги учактын алдыңкы тарабынан түшүрө турган атайын тепкичти даярдаткан эмес. Муну серепчилер Кытайдын Америка президентин шылдың кылышы катары баалашты. Анткени, бул нерсе эки өлкө ортосунда көптөгөн маселелер жаатында келишпестиктердин бар экенин көргөзүп койду. Алардын алдыңкылары Американын Түштүк Кореяда ракета калканын (ПРО) жайгаштыруусу. Ошондой эле, Түштүк Кытай деңизиндеги Филиппин менен Кытай ортосундагы талаштуу маселеде Америка карманган позиция. Жана Вашингтондун Кытайдын болот импортуна кошумча пошлина киргизүү токтому. («Алжазиира» 2016 09 05)

7. Чейрек кылым өтсө да, мурунку Америка мамкатчысы жана улуттук коопсуздук боюнча кеңешчиси Киссинжер, азыр деле жаш курагына карабастан, Американын келерки президенти Трамп менен Орусияны мунасага келтирүүдө өкүл аталык кылууда. Киссинжер бул маселе жаатында Москвага иш сапары менен барып, Путин менен жолугушту. Тактап айтканда, Кытайга каршы туруудa Орусияны өзүнүн сабына тартуу

максатында барды. Орусия өзүнүн кызыкчылыгына Киссинжерди кызыкдар деп ойлоп, аны кол чаап тосуп алды. Кремль пресс-катчысы Песков «Москва мурунку Америка мамкатчысы Генри Киссинжердин Орусия менен Америка алакаларын калыбына келтирүүгө катышып жатканын кубаттайт» деди. Дагы мындай деди: «Американын мурунку мамкатчысы Киссинжер бул бирден бир жетик саясатчы, анда Орусия жаатында жана Америка менен Орусия ортосундагы алакалар боюнча тажрыйба мол». («Араб медиа» сайты, 2016-жыл 27-декабрь)

Бул өңүткө карай европалык басылмалар да ишара кылды. 2016-жыл 20-декабрда «Россия сегедня» басылмасы алардан алып басып чыкты, анда мындай келген. Германиянын «Bild» гезити: «Киссинжер Кытайдын күчтөнүп жатканына каршы туруууда Орусия менен алаканы жакшыртуу зарыл деп билет. Мурунку Америка мамкатчысы абдан тажрыйбалуу. Ал Путин менен жолугушту жана ал эки өлкө ортосунда алакаларды жөнгө салууда ортомчу болуп калмакчы». Гезит дагы буларды келтирди: «Трамп Киссинжердин насааты менен Орусияга каршы санкцияларды алууга аракет кылат». Бул нерсеге «Геосаясий анализ боюнча европалык борбордун» анализи да ишара кылат. Алар муну Трамптын убактылуу командасынан алган нерсеге таянуу менен анализ жасашканын билдиришти...

Ушундан көрүнүп тургандай, Америка эки тарапка тең: Кытайга да, Орусияга да каратылган саясатын ишке ашырууга урунууда. Анын негизги түркүгү – Кытай майданында Американын Орусияны өз кызыкчылыгына иштетүүгө тартуусу. Орусияны кысымга алуунун башын Обама баштады. Ал план боюнча, келерки президент Трамп Орусия менен бул маселе жаатында мунаса кылат. Америка Кытайга каршы турууда Орусияны өз сабына кошуп алуу үчүн ага карата кылган кысымына Орусия Жооп бергенин ачыктабайт.

Төртүнчүдөн: Мына ушундайча ири мамлекеттер ортосунда күрөш уланууда. Ал тургай, ири эместери да бул ири мамлекеттердин таасирлери астында өз кызыкчылыгына жетүү үчүн күрөшкө катышууда. Алардын

талаш-тартыштары бул дүйнө күбө болуп жаткан бактысыздыкка алып келди.

Өкүндүрө турган нерсе, ишти колго алып, бул ааламды өзүнүн табиятына кайтара турган жана Ислам жерлерине эле эмес, бүткүл дүйнөнүн чар тарабына жакшылык нурун чача турган Ислам мамлекетинин жоктугу. Ушундай болгонуна карабастан, Исламда чыныгы эркектер бар:

***«Аллахка берген*** *(Ал заттын жолунда жихад кылып, шейит болуу жөнүндөгү)* ***убада-шерттеринде бек турган кишилер бар. Алардан*** *(айрым)* ***кишилер өз убадасын аткарды*** *(шейит болду)****, алардан*** *(айрым)* ***кишилер болсо*** *(шейит болууга)* ***ынтызар. Алар*** *(Аллахка берген убада-шерттерин)* ***өзгөртүшкөн жок»*** [33:23]

Аллахтын жардамы менен ааламды өз таразасына койо турган Ислам мамлекети – туура жолдогу Халифалык – албетте жакынкы күндөрү тикеленет.

***«Албетте Аллах Өзү*** *(каалаган)* ***ишине жетүүчү.*** *(Анын каалоосуна каршы туруучу кимсе жок)****. Чындыгында Аллах ар бир нерес үчүн ченем-өлчөө кылып койгон»*** [65:3]

**7-робиус-соний, 1438-х.**

**5-январь, 2017-м.**

### Американын Орусия жана Кытайга карата саясаты

**Суроо:** *Байден башында турган Американын жаңы администрациясы Кытай менен Россияга карата чабуул баштап, ошол эле учурда өнөктөштүк мамилелерди чыңдап, кээ бир өлкөлөр менен эски союздаштыгын жандандыра баштады. Америка бул эки мамлекетке карата саясатын кандайча жүргүзөт жана анын максаты кандай? Бул администрация мурункусунан айырмаланабы?*

**Жооп:** Жаңы администрациянын иш-аракеттерин карап чыгуу аркылуу биз АКШнын саясатынын мүнөзүн жана максаттарын көрсөтөбүз:

1 – 2021-жылы 12-мартта АКШ президенти Байден Австралиянын премьер-министри Скотт Моррисон, Индиянын премьер-министри Нарендра Моди жана Япониянын лидери Суга менен интернет аркылуу конференция өткөрдү. Күндөн-күнгө өсүп келе жаткан Кытайдын аскердик жана экономикалык кубатына каршы туруу аракетинде бул өлкөлөр Американын көз карашында негизги орунду ээлейт. Байден: «Индия жана Тынч океанындагы эркин жана ачык аймак бардыгыбыздын келечегибиз үчүн абдан маанилүү. Америка силер менен, жана аймактагы бардык өнөктөш союздаштарыбыз менен туруктуулукка жетүү үчүн иштешүүгө даяр», - деди. (Шаркул Авсад, 13.03.21). Андан кийин 2021-жылы 13-мартта АКШнын Коргоо министри Ллойд Остиндин билдирүүсүндө «Ал Азияга бир жумалык иш сапары менен барары, ал Токио, Сеул жана Нью-Делиге барып, Американын союздаштары менен аймактагы аскерий кызматташтыкты өркүндөтүү жолдорун жана Кытайга каршы ишенимдүү тоскоолдукту жаратуу тууралуу талкуу» кылаары айтылды. «Ал Токио менен Сеулдагы кесиптештери менен жолугушуу үчүн Токиодо АКШнын мамлекеттик катчысы менен кошулуп иш алып барат. Бул Байден командасы, Кытай Коммунисттик партиясынын тышкы байланыштар боюнча жооптуусу Ян Цзечи жана Кытайдын тышкы иштер министри Ван И менен Аляскадагы биринчи жолугушуусунун алдында болот». (Шаркул Авсад, 14.03.21). Ага Гонконг, Синьцзян (Чыгыш Түркстан), Тибет, Тайвандагы кырдаалдар жана адам укуктарынын бузулушу кирет.

2 – 2021-жылы 20-мартта АКШнын Коргоо министри Ллойд Остин мындай деди: «Биз сөзсүз түрдө бардык союздаштарыбызды жана өнөктөштөрүбүздү Россия аскерий жабдууларынан алыс болууга жана биз тараптан санкцияларга алып келүүчү ар кандай формадагы сатып алуулардан оолак болууга чакырабыз... Индия Россиянын С-400 абадан коргонуу тутумундагы эч кандай жүктү алган жок, ошондуктан ага карата санкция киргизүү мүмкүнчүлүгү талкууланган жок», - деди. (Аль-жазиира, 20.03.21).

Индия премьер-министри Моди менен Орусия президенти Путин 2018-жылы 5,4 миллиард долларга бааланган орусиялык С-400 абадан коргонуу тутумун сатып алуу боюнча келишимге кол коюшкан. Индия келишимдин алгачкы төлөмү катары 2019-жылы 800 миллион доллар төлөгөн. Бул ракеталардын биринчи партиясы ушул жылдын аягында келээри күтүлүп жаткан. Остиндин Индияга сапары АКШ Кытайдын чөлкөмдөгү таасирине тоскоолдук жаратууну жана Россияга карата кысым көрсөттүүнү көздөгөн өлкөлөрдүн альянсын түзүү аракетинин алкагында жүрөт. АКШ коргонуу компаниялары Индияны аскерий жабдуулар менен камсыз кылуу боюнча миллиарддаган долларлык келишимдерге кол коюшкан, анын ичинде Индиянын куралдуу күчтөрүн модернизациялоо алкагында 150 согуштук тик учактарды сатып алуу мерчеми бар. Белгилей кетсек, Россия Индияга курал-жарак жеткирүүчү ири өлкө болуп саналат. Индия – Түркия С-400 системасын сатып алганда тушуккан санкциялар сыяктуу – АКШнын санкцияларынан чочулады. 2014-жылы бийликке келгенден бери Моди Американын саясатын кармангандыгы себептүү Индия менен Америка мамилелери бекемделди. 2016-жылы Америка Индияны «коргонуунун ири өнөктөшү» деп жарыялагандан бери Америка менен Индия аскерий так куралдардын өткөрүлүп берилишин жеңилдетүү жана аскердик кызматташтыкты тереңдетүү боюнча бир катар келишимдерге кол коюшту. Америка Индия Америкасыз куралданып албашы үчүн Орусиянын С-400 коргонуу тутумун жана башка куралдарды сатып алуудан толугу менен баш тартышын каалайт. Бул жагдай Британияга ыктаган Индия Конгресс партиясы ондогон жылдар бою Индияны башкарып турган мезгилде Америка таасирин оздуктоо максаттында Советтер Союзунан, андан кийинки доордо Орусиядан курал-жарак сатып алуу саясаттынан айырмаланып турат. Бирок, Америка Жаната партиясындагы кадрларын Индиядагы бийликке жеткирүү мүмкүнчүлүгүн тапканда, ал Индиядагы Британиянын таасирин аягына чыгаруу, Индиянын саясий жана

аскерий маселелерин көзөмөлгө алуу максатында Индияны куралдантуу аркылуу аны менен алакасын тыгыздоо ишин баштады.

3 – Ошол эле учурда, Америка Кытай менен диалог жүргүзүп жана ага түздөн-түз кысым көрсөттүү иш-аракетин алып барды. 2021-жылы 18-мартта Аляскада Америка жана Кытай мамлекеттик министрликтеринин ортосунда жолугушуу жаряны болду, анда АКШ Мамлекеттик катчысы Энтони Блинкен: «Кытайдын иш-аракеттери глобалдык туруктуулукту кепилдеген эрежелерге негизделген тутумга коркунуч келтирүүдө... Кытайдагы Синьцзянга (Чыгыш Түркстанга) байланыштуу терең тынчсыздануубузду талкуулайбыз... Гонконг жана Тайвань, ошондой эле АКШга каршы кибер чабуулдар жана биздин союздаштарыбызга каршы экономикалык мажбурлоо... бул иш-аракеттердин ар бири глобалдык туруктуулукту сактаган эрежелерге негизделген тартипке коркунуч келтирет», - деди. Буга каршы Кытайдын Коммунисттик партиясынын тышкы байланыштар боюнча жооптуусу Ян Цзечи: «Кытай АКШнын Кытайдын ички ишине кийлигишүүсүнө караманча каршы... Биз мындай кийлигишүүгө каршы экенибизди билдирдик жана жооп кайтаруу үчүн чечкиндүү чараларды көрөбүз. Эмне кылуу керек, кансыз согуштун менталитетинен баш тартуу керек», - деди. (Reuters 19.03.21). Бул жерде Америка Кытайга каршы психологиялык жана медиа согушу жүрүшүндө диалог деген ат менен түздөн-түз кысым көрсөтүп, аны дүйнөнүн алдында адам укуктарын бузуп жатат деп жаманатты кылууну каалайт. Бирок Америка адам укуктары үчүн кам көрүп жаткан жок. Тескерисинче, ал адам укуктарын коргоону Кытайга басым жасоо картасы катары ишке салды. Бирок, кытайлыктар ага кол салган жерден ага каршы жооп кайтарышкандыктан, ал аны ишке ашыра алган жок, анткени Америка өз ичинде жана сыртында адам укуктарын бузуп жатат. Ошондой эле, ал дагы адам укуктарынын басмырлануусу жаатында Кытай сыяктуу айыпталууда. Бул, анын башка өлкөлөргө үстөмдүк кылып, аларга

өзүнүн гегемониясын таңуулап, аларды шантаж кылып, байлыктарын талап-тоноо үстүндө иштеп жаткандыгынан тышкарысы.

4 – Азыркы учурда Байден башында турган жаңы администрация Трамптын администрациясы баштаган соода согушу улана берерине ишаара кылды. Бирок, (бул согуш) союздаштарды жана башка күчтөрдү топтоо менен биргеликте уланат. Блинкен Сенаттын Эл аралык байланыштар боюнча комитетинин алдында ушуну жарыялады: «Кытай башка өлкөлөргө караганда биз үчүн эң чоң чакырык экендиги талашсыз, бирок бул татаал чакырык. Америка Кытай менен жакындашууну алсыздык эмес, күч принцибинен башташы керек. Бул күч принцибинин бир бөлүгү – союздаштар жана эл аралык институттар менен өнөктөштүк түзүп иштешүү... Президент Трамптын бир катар чөйрөлөрдөгү кадамдарына көп деле макул эмес болсом да, Кытайга карата катуу позицияны кармангany туура болгон деп дагы эсептейм. Бирок, негизинен бул туура болгон жана бул биздин тышкы саясат үчүн пайдалуу болду деп ойлойм». (Анадолу, 20.01.21). Башкача айтканда, Американын Кытайга карата саясаты бир багытта баратат. Бирок, ар башка админстрация учурунда ар башка ыкмада алып барылат. Камтуу саясаты аягына чыкты, анын «Кытайдын» аймакта жана чет өлкөлөрдө кеңейишин чектөө максатында аны менен тирешүү саясаты башталды.

5 – Америка Кытай экспансиясынан коркконун ачык жарыялады. Президент Байден: «Эгер биз аракет кылбасак, «кытайлар» биздин түшкү тамакты жеп кетишет. Алардын темир жол жаатында жаңы демилгелери бар... Кытай электр унаа технологиясында ылдам ийгиликтерге жетишип жатат...», - деди. 2021-жылы 10-январда күнү ал кытайлык кесиптеши Си Цзиньпин менен «эки саат бою адам укуктары, соода жана коопсуздук сыяктуу көптөгөн маселелер боюнча сүйлөштүм» деди. Ак үйдүн пресс-катчысы Жен Псаки: «Менин оюмча, президенттин көз карашында биз Кытай менен атаандашабыз. Ал бул чакырыктын тереңдиги жөнүндө ачык

айтты», - деди. (Wall Street Journal, 12.02.21). Байден өз өлкөсүнүн тынчсызданууусун дагы бир жолу тастыктап мындай деди: «Америка Кошмо Штаттары менен Кытайдын ортосунда катуу атаандаштык жүрүп жатат, экинчиси күч жана таасир жагынан дүйнөдөгү биринчи өлкө болууга умтулуп жатат». Ал Ак үйдө отурганда эле Кытай ал каалагандай болуп кетпестигине жана 27 мамлекеттин башчылары менен байланышып, Бээжинге карай кийинки кадамдарды макулдашууга убада берип: «Биз Кытайды тергеп-тескейбиз, айрыкча Түштүк Кытай деңизинде эрежелерди урматтоону талап кылабыз», - деди. (Аль-Жазира, 25.03.21). Ушул айдын башында Байдендин администрациясы «Улуттук Коопсуздук Стратегиясынын Убактылуу Стратегиялык багыты» деген документти жарыялаган. Ал документ Улуттук коопсуздук органдары глобалдык чакырыктарга жооп берүү үчүн жаңы администрациянын директиваларын камтыйт. Кичине көлөмдөгү 20 беттен ашпаган бул документте Кытай 15 жолу көрсөтүлгөн, Россия 5 гана жолу айтылган!

6 – Америка Кытай Түштүк Кытай деңизин жана анын аймагын көзөмөлдөй элек деп эсептейт. Америка Кытай муну жасоого аракет кылып жатат, андыктан бул көзөмөлдүн алдын алып, аны ушул чөлкөмдөгү өлкөлөр аркылуу алек кылгысы келет. Аны тараптан курчалып турган аймактык держава бойдон калтырууга аракет кылып жатат. Түштүк Кытай деңизинде, Индонезия, Малайзия, Филиппин жана Вьетнам баш болгон көптөгөн мамлекеттер бар, Америка аларды Кытайга каршы аракетке келтирүүгө умтулууда. Тынч океанындагы ушул деңизге жакын Австралия бар, Америка аны менен Кытайга каршы иштешет. Чыгыш Кытай деңизинде Япония, Тайвань жана Түштүк Корея бар жана бул өлкөлөр Американын союздаштары болуп эсептелет. Америка Кытай менен Тайвандын ыктыярдуу бириггүүсүнүн шарты менен бирдиктүү Кытайды тааныды. Трамп доорунда Америка бул таануудан артка чегинген. Ошондуктан, Кытай Тайванды басып алабыз деп коркутууга алды, Трамп артка чегинип, бирдиктүү Кытайды

тааныган. Бул Америка 1979-жылы Кытай менен кол койгон келишимде көрсөтүлгөн. Келишимде, эгер Кытай менен Тайван биримдиги бара-бара өз ара түшүнүү, экономикалык жана саясий жакындашуулар аркылуу жетишилсе, бирдиктүү Кытайды таануу камтылган. Бирок, Америка тоскоолдуктарды жаратууда. Тайванды саясий жана экономикалык жактан куралдантуу жаатында иш алып барды. (Endopam). 2021-жылы 10-мартта Индия жана Тынч океанындагы АКШ күчтөрүнүн командачысы адмирал Филип Дэвидсон Кытай Тайванга 6 жыл аралыгында, башкача айтканда, 2027-жылга чейин басып кириши мүмкүндүгү тууралуу эскерттип Конгресстин алдында мындай деди: «Мен кытайлар 2050-жылга чейин бул аймактагы эң ири аскерий держава катары АКШны алмаштыруу долбоорун тездетет деп корком». (Аль-Жазира, 11.03.21). Америка Кытай Тайванды аннексиялап алуусунан коркот. Тайван Американын таануусу менен Кытайдын бир бөлүгү деп эсептелмек, бирок буга жетишүү创造 создуктурулду, Америка бул биримдиктин ишке ашышына тоскоолдук кылуусунан жана айла-амалдарынан Кытай тажап кетти. Кытай Америка Тайвандын Кытайга бириктирилишин каалабай жаткандыгын түшүндү. Кытайдан Тайванга карата олуттуу коркунуч бар. Ал аны күч менен кошуп алууга кудуреттүү. Бирок, Кытай ушул кадамга барса, Америка башында турган дүйнө өлкөлөрү ага каршы чыгаарынан кооптонуп, Америка жана башка көптөгөн мамлекеттер менен болгон соода мамилелерин жоготкусу келбейт.

7 – Бирок, маселе Кытайга караганда Россия менен бир аз башкача. Россия Борбор Азияда, Кавказда жана Чыгыш Европанын Украинага чейинки бир бөлүгүндө Советтер Союзунун доорунан бери келе жаткан таасирге ээ. Америка ага кысым кылып, ал ээлеген аймакка жайгашып, таасирин кеңейтүү үчүн аны менен атаандашат. Ал ээлеген аймактардын кээ бирлерине кирип кетүүгө мүмкүнчүлүк тапты, бирок ал азырынча туруктуу таасирге ээ боло алган жок. Ошол эле учурда, ал Россияга карата көптөгөн саясий, экономикалык, медиа жана психологиялык деңгээлдеги кысымын

улантууда. Ошондуктан, АКШ президенти Байден орусиялык оппозициячыл Алексей Навальныйды ууландыруу маселесине байланыштуу берген Жоопунда Россия президенти Путинди «канкор» деп мүнөздөдү. Ал: «Кремль бул айыптоолор чындыкка дал келбейт деп айткан менен, Орусиянын былтыркы Америкадагы шайлоого кийлигишүү аракетинин кесепети болот», - деди. Ал кийлигишүүлөрдүн баасын төлөнө тургандыгын убада кылып мындай деди: «Путин анын баасын төлөйт...». Путин менен өткөн январь айынын аягында телефон аркылуу сүйлөшкөндө ага жооп болушу мүмкүн деп эскерткендигин белгиледи. Анын кесепеттери жөнүндөгү суроого ал минтип жооп берди: «Жакында аны көрөсүздөр». (ABC America, 21.03.21). Бул нерсе жакында Орусияга карата дагы санкциялардын киргизилишине ишаара кылат.

Эң таң калычтуусу, Путиндин жообу өтө күчсүз болду, а түгүл, ал басынылып мындай деди: «Москва Вашингтон менен байланышын үзбөйт, тескерисинче, Орусиянын кызыкчылыгына негизделип АКШ менен кызматташат». (Russian TV, 18.03.21). Бул Россиянын алсыздыгынын деңгээлин жана АКШ Украина, Крым жана Европа жаатында ага каршы киргизе турган санкциялар, кысымдар кампанияларынан коркуп жаткандыгын көрсөтөт. Россия Мамлекеттик Думасынын төрагасы Вячеслав Володин Байдендин президент Путинге жана анын өлкөсүнө жасаган чабуулун мындай сыпаттады: «Бардык орустарды кемсинтүү. Байден өз билдирүүсү менен биздин өлкөнүн жарандарын кемсинтти. Бул алсыздыктан келип чыккан истерия. Путин – биздин президент, ага чабуул кылуу – бул биздин бүт өлкөбүзгө чабуул кылуу». (Russia Today, 17.03.21). Ал эми, Россия болгону Вашингтондогу элчисин консультацияга чакырды, башка эч нерсе кыла алган жок! Орусиянын президенти Байденди конференция өткөрүүгө чакырды, бирок Америка аны четке какты, ошондуктан алар муну менен дагы мазакташты. Бул тууралуу Орусиянын Тышкы иштер министрлиги билдирүү таратты: «Эки тараптуу мамилелерде топтолгон

көйгөйлөрдү, ошондой эле стратегиялык туруктуулукка байланыштуу маселелерди талкуулоо үчүн Владимир Путиндин 19 же 22-мартта АКШнын президенти Жо Байден менен видео конференция аркылуу ачык сүйлөшүү жүргүзүү сунушуна АКШ тараптын жооп бербегени өкүндүрөт. Ошондуктан, Америка тарап Вашингтондун күнөөсү себептүү орус-америка мамилелери туңгуюкка кептелген кырдаалдан чыгуунун жолун издөөнүн жаңы мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарды».

8 – Ошол себептен улам, Америка Сирияда колдонулуп жаткан Россия менен бирге жүрүүгө уруксат берген саясаттан Түркиянын баш тартышын каалайт. Тескерисинче, ал Россияны кысымга алуу үчүн аны өз тарабына тартты. АКШ мамлекеттик катчысы Блинкен түрк кесиптеши Мевлүт Чавушоглу менен 2021-жылы 23-мартта Брюсселде болгон жолугушкандан кийин: «Анкара менен болгон жалпы пикир келишпестиктерге карабастан, Америка жана НАТО Түркияны альянста бекем кармаганга кызыкдар. Түркия узак мөөнөттүү жана баалуу союздаш», - деди. (Reuters, 23.03.21). Ал эми, НАТОнун баш катчысы Столтенберг Түркияны НАТО өлкөлөрүнө көрсөткөн кызматы жана Европаны коргогондугу үчүн: «Европа Биримдигине мүчө болбогон, Сирия жана Ирак менен чектешкен Түркия НАТОну түштүк-чыгыш чек араларында коргоодо абдан маанилүү ролду ойнойт...», - деди. (Анадолу, 06.03.21). Эрдоган буга ыраазылыгын ашкерелеп, өзүнүн Twitter баракчасына: «Түркия НАТОнун союздашы катары, өзүнө алган бардык милдеттенмелерин аткарууну улантып, глобалдык тынчтыкка жана коопсуздукка кызмат кылат», - деп жазды. Америка Орусияны Сирия режимин сактап калуу жана Америка кызыкчылыгына кызмат кылышы үчүн аны Сирияда калтыруу максатында Түркия Россиянын С-400 ракетадан коргонуу тутумун сатып алышына уруксат берген. Эми Орусияны кайрадан таштап кетүүгө мажбурлап жаткан Америка талабына Түркия жооп берүүгө даяр болуп калды. Россиянын Сириядагы ролуна муктаждык да аягына чыгып калды. Бул, Трамп доорунда

башталган Түркияга карата кысым көрсөтүү саясатынын кеңейип уланышы болот. Байден администрациясы 2021-жылы 5-февралда жарыялаган билдирүүдө АКШнын Коргоо министрлигинин өкүлү Кирби: «Түркия С-400дөн баш тартышы керек. Биздин позиция өзгөргөн жок», - деди. Ал Түркияны андан баш тартууга чакырды. Түркия Греция сыяктуу мамиле кылып, кампаларга келип колдонулбаган ракеталарын жайгаштыруу менен чегингендигин көрсөттү. Түркия Коргоо министри Хулуси Акар: «Түркия Америка менен мүмкүн болгон келишимдин алкагында Орусиядан сатып алган С-400 ракета тутумун – бул маселеде чыңалууну азайтуу үчүн – колдонбоого даяр. Биз Грециянын Крит аралында жайгашкан С-300 ракеталары үчүн колдонулуп жаткан моделге окшош моделди сүйлөшүүгө даярбыз», - деди. (Hurriyet, 09.02.21). Кипр бул ракеталарды 1999-жылы Россиядан сатып алган жана Түркия ага каршы болгон. Кийин, аны Критте сактоо үчүн Греция менен макулдашылган. Бул Грециянын менчиги болуп калды, ал ошол күндөн бери, 2013-жылы машыгуу учурунан башка учурда аны колдонбогон.

9 – Америка Кытайга каршы саясий, экономикалык, медиа жана психологиялык чабуулду кылгандай эле Орусияга да каршы андай нерселерди пландаштырган. АКШнын Мамлекеттик катчысы Блинкен Сенатта берген көрсөтмөсүндө билдиргендей: «Россия күн тартибинде биринчи орунда турат. Биз бир катар кыйынчылыктар жөнүндө сүйлөштүк. Россиянын бир катар фронттордо чагылдырган чакырыгы да актуалдуу көйгөйлөрдүн бири болуп саналат...». (Анадолу, 20.01.21). Бул тууралуу Ак үйдүн өкүлү Жен Псаки билдирди: «Америка Кошмо Штаттарынын чалгындоо кызматынын отчетунда Россия 2020-жылдагы АКШдагы шайлоого кийлигишүүгө аракет кылган деген көптөн бери козголуп жаткан айыптоолор тастыкталгандан кийин, Россия өзүнүн иш-аракеттери үчүн жоопкерчиликти өзүнө алат. Байден администрациясы Россия менен болгон мамилеге мурдагы республикачыл президент Трамптын мамилесинен

айырмаланган негизде иш алып барууда. Орустар өз иш-аракеттери үчүн сөзсүз жооп беришет». (Reuters, 21.03.21). Бул Америка Орусияны Америкага жана анын малайларына каршы козголгон Сирия мусулмандарына каршы колдонгондон кийин ага карата психологиялык чабуулу болуп эсептелет, Америка Орусияны Кытайга каршы колдонууда шантаж кылат. Ошондуктан Ак үйдүн басма сөз катчысы мындай деди: «АКШ президенти Жо Байден президент Путин менен убактысы келгенде жолугушат. Эгерде Байден айтканынан кайтпаса, анда ал Россия менен болгон мамиледе ачык болот...». (Reuters, 19.03.21). Бул б.а. Америка дипломатиялык байланыш сүйлөшүүлөрү жүрүп жатканда күчтүү абалда экендигин көрсөтүү үчүн чабуул ыкмасын колдонуп жаткандыгын көрсөтүүдө. Башкаларды күчсүз абалда калууга мажбурлап, аларга каалаган нерсесин жүктөп же өз кызыкчылыгына жетүү үчүн каалаган нерсесин таңуулоо болуп эсептелет. Бул ыкманы Трамп колдонгон, бирок коркутуп-үркүтүп, орой мамиле жасаган, ошол эле учурда, Американын эркин таңуулоо үчүн дипломатиялык байланыштарды жүргүзгөн, Түндүк Корея жана Кытай менен жасаган мамилеси жана башка тараптарга койгон Америка талаптарын таңулоо сыяктуу. Ошол эле учурда, Байден өлкө ичинде анын администрациясы алсыз эмес, күчтүү деген позицияны чыңдоону каалайт.

10 – Россия менен Кытайдын ортосундагы жакындашууну жок кылуу ритмине жетүүгө аракет кылуу – Американын саясаты. Ал Орусияга жакындашып, аны Кытайга каршы тукуруп жатат. Америка бул саясатты улантышы күтүлөт, бирок Россияны басынткандан кийин. Ошондуктан, Америка Россияга кысым көрсөтүү жана аны Кытайга каршы барууга баш ийдирүү максатында ага чабуул кылуу саясатын ишке салды. Россия Америка менен жакындашып, эл аралык иштерди башкарууга катышууну эңсейт. Бирок, Америка муну кабыл албайт, тескерисинче Сирияда колдонгондой, өз саясатына моюн сундуруп, Орусияны Кытайга каршы жана башка учурларда дагы ошондой колдонууну каалайт. Америка аны менен

дүйнөлүк же регионалдык иштерди бөлүшкөн державанын деңгээлинде күрөшкүсү келбейт. Ошол себептен улам, Америка Сирия маселесинде Орусиянын даражасын анын айланасында айланган Түркиянын деңгээлине түшүрдү. Америка дүйнөдө деңгээли төмөндөп кеткенин билип туруп, дагы эле болсо бой көтөрүүчүлүк, текебердик аркылуу үстөмдүк кылгысы келет. Ал эскирген регрессия фазасында жана ичинен жемирилген абалда турат.

11 – Россия Америкага карата позициясын тыңдап алуу үчүн Кытай менен алаканы бекемдөөгө аракет кылып жатат. Балким, Орусия Америка аны Кытайга каршы колдонууну каалап жатканын түшүндү жана азырынча тузакка түшө электиги маалым. Орусия тышкы иштер минстрлигинин билдирүүсүндө мындай делет: «2021-жылы 23-мартта Лавров кытайлык кесиптеши Ван И менен эки өлкө ортосундагы стратегиялык координация жана жогорку деңгээлдеги байланыштарды уюштуруу маселелери боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт. Эки өлкө көпчүлүк глобалдык маселелердин чечилишине жакын же бирдей позицияларды карманып, тышкы саясий иш-чараларын тыгыз координациялоону улантууга чечкиндүү...». (РИА Новости, 22.03.21). Тышкы иштер министри Лавровдун сапары учурунда Россиянын Тышкы иштер министрлиги минтип билдирди: «Эки өлкө жакын кошуначылык, достук жана кызматташтык келишимин дагы беш жылга узартты». Кытайдын тышкы иштер министри: «Акыркы 20 жылдын ичинде бул эки тараптуу келишим орус-кытай мамилелеринин туруктуу өнүгүшүнө бекем укуктук негиз түзүп, эки тараптуу мамилелерди өнүктүрүүгө өбөлгө түздү», - деди. (РИА Новости, 23.03.21). Бирок, бул алардын ортосундагы союзга жана Америкага каршы туруу үчүн биргелешкен эл аралык аракеттерге алып барган жок. Бул келишим мындан жыйырма жыл мурун эле түзүлгөн жана Америкага каршы олуттуу биргелешкен аракеттерди жүзөгө чыгара албады. Алардын ар бири өзүн коргоп, Америка менен түшүнүшүүгө жана жакындашууга аракет кылышты. Кыязы, Россия Кытай менен жакындашып, ага таянып калууну каалабайт, бул анын эл аралык статусун

жоготот. Ал Америка менен катар экинчи ири мамлекет болууну каалайт. Ошондой эле, Америка менен тирешүүнү эмес, тескерисинче аны менен шериктеш болгусу келет, Америка Украинада, Крымда, Борбор Азияда жана Кавказда көйгөйлөрдү жаратпашы үчүн анын менен андан ары абалды курчуткусу келбейт.

12 – Америка Россия жана Кытай менен тирешип жаткандыгын жарыялап, союздаштарын кайрадан жанына чогултуп жатат. Ошол эле учурда, ал өз союздаштарынын үстүнөн өзүнүн гегемониясын жаңырткысы келет. АКШ мамлекеттик катчысы Блинкен НАТОнун катчысы Столтенберг менен Түндүк Атлантикалык Келишим Уюмунун (НАТО) штаб-квартирасында жолугушкандан кийин мындай деди: «Мен Кошмо Штаттардын бекем колдоосун билдирүү үчүн келдим. Америка Кошмо Штаттары өз өнөктөштүгүн калыбына келтирүүнү каалайт. Биз биринчи кезекте НАТО өнөктөштөрү менен биримдикти жандантууну каалайбыз. НАТО бүткүл дүйнөдөгү коркунучтарга каршы чечүүчү учурду башынан өткөрүп жатат. Америка дагы эле болсо Ооганстандагы өз тандоолорун карап жатат жана бул жаатта союздаштары менен кеңешет». (France 24, Reuters, 23.03.21). Ошентип, Америка Европа аркылуу Россия менен Кытайга каршы тирешүүсүн жарыялап жатып, НАТОдогу союздаштарынын үстүнөн дагы гегемониясын жаңыртып, бир ок менен эки коён аткысы келип жатат. Америка Европага Россия газын жеткирген Россия менен Германия ортосундагы Балтика деңизи астынан өтө турган «Түндүк агым-2»ден Германиянын баш тартуусу үчүн кысым көрсөтүп жатат. Өткөн жылдын аягында, 2020-жылдын декабрь айында Америка долбоорго катышкан компанияларга санкцияларды киргизип, менменсингендик жана текебердик менен түтүктөрдү төшөөнү токтотууну талап кылды. Ал долбоорду каржылап жаткан Германия фондуна санкция киргизүүнү каалап жатат. Германиянын министрлер кабинети мындай деп жооп берди: «Германия жана европалык компанияларга каршы бир тараптуу тышкы санкциялардын

киргизилишине карата Германия өкмөтү кандайдыр бир санкциялар фондго да каршы багытталбай тургандыгын жокко чыгара албайт. Берлин АКШнын «Түндүк агым-2» газ түтүгүнө киргизген санкцияларын Европанын суверендүүлүгүн бузуу катары четке кагат». (Sputnik, 03.03.21). Бул тууралуу АКШнын Мамлекеттик департаментинин өкүлү Нед Прайс билдирди: «Тышкы иштер министри Блинкен Германиянын тышкы иштер министри Хайко Маас менен Брюсселдеги НАТОнун тышкы иштер министрлеринин сүйлөшүүлөрүнүн алкагында жолугушту. Блинкен Россиянын жамааттык коопсуздукка шек келтирген аракеттерине каршы туруу боюнча АКШнын союздаштары жана өнөктөштөрү менен биргеликте аткара турган милдеттенмесин баса белгиледи. Бул контекстте ал АКШнын «Түндүк агым-2»ге каршы экендигине өзгөчө көңүл бурдурду». (D.B.A, 24.03.21). Бул Трамп доорунда Америка жүргүзүп келген жана Байден доорунда дагы эле жүргүзүп келе жаткан саясат. Ал Россияны экономикалык жактан уруп, Европа менен мамилесин чыңалтып, Германияны америкалык газды кымбатыраак жана сапатсыз сатып алууга мажбур кылгысы келет!

13 – Сөз акырында, бул «Америка» өзүн бул дүйнөдөгү эң чоң дөө-шаа деп эсептеген өлкө... Ал бул дүйнөнү зулумдугу менен курчап турат. Жаман иштери менен өз өлкөсүн жана элин кыйнап жатат. Кудуреттүү, күчтүү Аллах айтат:

*﴿أَفَأَمِنَ الَّذِينَ مَكَرُوا السَّيِّئَاتِ أَنْ يَخْسِفَ اللَّهُ بِهِمُ الْأَرْضَ أَوْ يَأْتِيَهُمُ الْعَذَابُ مِنْ حَيْثُ لَا يَشْعُرُونَ أَوْ يَأْخُذَهُمْ فِي تَقَلُّبِهِمْ فَمَا هُمْ بِمُعْجِزِينَ﴾

«Жаман иштерди, айла-амал кылгандарды Аллах жерге жуткузуп жиберишинен, же өздөрү билбеген тараптан азап жибериишен, же күн-түнү өз иштери менен бейкапар жүрүшкөндө Аллахтын азабы келишинен аманбыз деп ойлошобу. Алар Аллахты ажиз (алсыз) кыла алышпайт. (Аллах баардык нерсеге кудуреттүү)» [16:45]

**17-шаъбан, 1442-х.**

**30-март, 2021-м.**

## Блинкендин Кытайга сапары

Суроо: ***«CGTN» (Кытай глобалдык телекөрсөтүү тармагы) 2023-жылы 30-июнда жарыяланган билдирүүдө: “Кытай Тышкы иштер министрлиги эки тараптуу мамилелерге жоопкерчиликсиз билдирүү жасаганы үчүн АКШны сынга алды. Ал эми, АКШнын мамлекеттик катчысы Энтони Блинкен мурун берген интервьюсунда Вашингтон мындан ары да өз кызыкчылыктарын коргой турганын жана эки тараптын ортосундагы пикир келишпестиктерге карабастан, Кытайга жакпаган иштерди жасап, эскертүүлөрдү жасай бере тургандыгын айтты. Кытайдын Тышкы иштер министрлиги бул билдирүүлөргө каршылыгын билдирди”. Белгилей кетсек, «Аль-Арабия» мындан бир жума мурун, 2023-жылы 23-июнда ушул кабарды жарыялаган: “Блинкендин Кытайга визити ушул жолугушуулар үчүн чөйрөө даярдашы божомолдонот – АКШнын Каржы министри Жанет Йеллен жакында Кытайга расмий сапар менен барат. Соода министри Жина Раймондо жана Байдендин климат боюнча өкүлү Жон Керри да сапарга кошулушу мүмкүн... О.э. президент Си Цзиньпин ноябрда Сан-Франциского барып Азия-Тынч океан экономикалык кызматташтык жыйынына катышып, ал жерде Байден менен жолугушуусу мүмкүн”.***
***Блинкендин 2023-жылдын 18-19-июнь күндөрү Кытайга жасаган сапарынан кийин Кытай менен АКШнын мамилеси кайра чыңалуучу үчүн эмес, тынч мамиледе болот деп күтүлгөн эле! Блинкендин Кытайга сапары жемишсиз болдубу же бул жөн эле формалдуулукпу? Суроонун узундугуна кечирим сурайм.. Аллах ыраазы болсун.***

Жооп:

Жоопту тактоо үчүн ушуларды карап чыгабыз:

Биринчиси: Блинкендин Кытайга сапарына байланыштуу кырдаал:

1 – Америка менен Кытайдын мамилесинин абалы АКШнын мурунку президенти Дональд Трамп жүргүзгөн соода согушунан бери кыйла

чыңалган. АКШ өкмөтү Кытайдын соодасына жана продукциясына ар кандай чектөөлөрдү киргизди, кээ бир Кытай товарларына жогорку бажы алымдарын киргизди. О.э. «Huawei» сыяктуу Кытай компанияларына жана анын жетекчилерине каршы санкцияларды киргизген. Бул саясат Байдендин өкмөтү тарабынан жокко чыгарылган эмес. Кытай өкмөтү да ушундай эле саясат менен жооб берди. Мунун өзү эле эки өлкөнүн мамилесинде чыңалууну жаратууга жетиштүү.

2 – Кытайлар «Кытай 2025» планы алкагында технология тармагында көз карандысыз болуу үчүн көп убакыт иштешти. Андан тышкары америкалыктардын «Huawei» жана башка Кытай компанияларына карата мамилеси чыңалууну жаратып, Кытай өзүнүн кремний чиптерин жасоону пландаган. Америкалык аналитиктер Кытай беш-жети жылдын ичинде чип тармагында көз карандысыздыкка жетишет деп болжолдошууда. Мунун баары эки мамлекеттин кагылышуусуна жакынырaак атаандаштыкты жаратат.

3 – Аскерий жана коопсуздук жаатта айта турган болсок, өткөн феврал айында Кытайдын тыңчы деп шектелген аба шары АКШнын аба мейкиндигине учурулган. Кытай муну четке какканы менен, бул окуя Блинкендин өткөн февраль айында боло турган Пекинге сапарынын токтотулушуна себеп болду... Андан кийин Тайвань кысыгында Кытай согуштук кемелеринин маневрлары орун алды. Америка Түштүк Кытай деңизин эл аралык эркин суу деп эсептеп, өткөн айда Тайвань кысыгында америкалык эсминец аркылуу маневр өткөрүү менен жооп берди... Ал эми, акыркы айда Кытайдын согуштук учагы америкалык учактарга жакындап келди. Анан эки өлкөнүн ортосундагы кырдал ого бетер курчуп кетти... Ошентип, Блинкендин сапары ал убакта ишке ашпай калды...

4 – Америка Кытайды кысымга алуу үчүн түрдүү аскерий жана коопсуздук келишимдерин түздү. Байдендин администрациясы бул багытта бир катар саясаттарды жүргүздү. Бул Кытайга аскердик жактан каршы турууга

багытталган демилгелерди камтыйт. Атап айтканда, Австралия жана Улуу Британия менен «AUKUS» келишими, Австралия, Индия жана Япония менен төрт тараптуу «QUAD» коопсуздук диалогу, НАТОнун Азиядагы ролун кеңейтүү аракети. Америка Филиппиндеги аскерий базасын тогузга жеткирүү үчүн Филиппин менен беш кошумча аскерий базаны колдонуу тууралуу келишим түздү ж.б.у.с.

Экинчиси: Блинкендин Кытайга сапарына келсек, бул формалдуу эмес, тескерисинче анын максаттары болгон:

1 – Мурунку маселелерден келип чыккан чыңалууну басаңдатуу аракети. АКШнын Мамлекеттик департаментинин билдирүүдө бул сапардын максаты эки өлкөнүн ортосунда өз ара түшүнүшүүгө жетишүү үчүн байланыш каналын жана аскерийлер ортосундагы байланыш каналдарын ачуу, эки өлкөнүн ортосундагы кызматташтыкты мындан ары да чыңдоого жол ачуу экени айтылат. Билдирүүдөн ушул нерсе да ачыкталып турат: Блинкендин сапары өз максаттарына жеткен, бирок аскерийлер ортосундагы байланыш орнотуу натыйжасыз болгон.

2 – «Ашарк аль-Авсат» гезитинин 2023-жылдын 19-июнунда чыккан санында мындай делет: “Блинкен менен 35 мүнөттүк жолугушуудан кийин канааттанганын билдирген Кытай лидеринин позитивдүү сөзүнө карабастан, бирок Пекин Вашингтон менен аскердик каналдарды кайра ачуудан баш тартканын ачык көрсөттү. Белгилей кетсек, бул маселе президент Жо Байдендин администрациясы үчүн приоритеттүү маселе жана бул сапардын негизги максаттарынын бири болгон. Бирок, жолугушуу Элдик чоң жыйындар залында болгондугу эки өлкө тең өз ара мамилелер ачыктан-ачык кастыкка айланып кетишин каалабаганынын белгиси болду. Алар өздөрүнүн атаандаштыгы жана дипломатиялык аракеттери чоң тобокелдиктерди алып келерин билишет”.

3 – Гезит минтип кошумчалайт: “Кытайдын жогорку кызматтагы адамдары менен эки күндүк жолугушуудан кийин Блинкен Америка Кошмо Штаттары

бул сапарга конкреттүү максаттарды коюп аларга жеткенин айтты, аскерий байланыштарды кайра калыбына келтирүү маселесин «кайра-кайра көтөргөнүн» билдирди. Ал: «Бизде мындай байланыштардын болушу абдан маанилүү (...) Биз бул маселе үстүндө иштөөнү улантабыз», - деп кошумчалады. Американын бул иш-аракеттери 2021-жылы Кытай АКШнын Коргоо министрлигинин (Пентагон) жогорку деңгээлдеги диалогду жүргүзүү боюнча ондон ашык өтүнүчүн четке каккандан кийин башталган. Бирок, Блинкен Кытайдын жогорку даражалуу расмий адамдары менен болгон мурунку сүйлөшүүлөрүн «ачык жана конструктивдүү» деп мүнөздөдү”. («Ашарк аль-Авсат» гезити, 19.06.23).

4 – Ошентип, негизги чечилбеген маселелердин бири – АКШ менен Кытайдын ортосундагы аскерий байланыштарды калыбына келтирүү болду. Эки өлкөнүн ортосундагы жогорку даражалуу аскер чиновниктеринин ортосундагы байланыш дагы эле тоңуп турат. Соңку эки окуя чатакка айланып кетиши мүмкүн деген кооптонууну жаратты. Жакында эле Кытай АКШнын коргоо министри Ллойд Остин менен Кытайдын коргоо министри Ли Чанфунун Сингапурда өтө турган жолугушуусунан баш тартты... Блинкен өзүнүн жолугушууларында мындай каналдардын зарылдыгын «кайра-кайра» көтөргөнү менен «алга жылыш жок» деди. Блинкен: «Учурда Кытай аны улантууга макул болгон жок. Менимче, бул маселенин үстүндө иштөөнү улантышыбыз керек, бул байланыш каналдарын калыбына келтирүү абдан маанилүү», - деп кошумчалады. («CNN», 19.06.23).

5 – Блинкендин сапары кандайдыр бир алга жылыштарга жетишкендигинде шек жок. Бирок, Блинкен айткандай алга жылыштарга жетүү оңой болгон жок. Кытайдан кетер алдында Блинкен мындай деди: “Мамилелер туруксуздуктун абалында болчу, эки тарап тең аны турукташтыруу боюнча иштөө зарылдыгын түшүнүштү. Бирок, алга жылыштарга жетүү кыйын. Бул, убакытты талап кылат. Бул бир сапардын, бир зыяраттын же бир сүйлөшүүнүн натыйжасы эмес. Мен үмүттөнөм, келечекте биз жакшыраак

баарлашабыз жана жакшыраак шериктеш болобуз”. Ал дагы кошумчалап: “АКШнын расмийлери чоң ийгиликтин ыктымалын өтө аз санап жатышкан. Бирок, алар Блинкендин сапары эки тараптуу жолугушууларга, анын ичинде Каржы министри Жанет Йеллен жана Соода министри Жина Раймондонун мүмкүн болгон иш сапарларына жол ачат деп үмүттөнүшөт. Бул, Си Цзиньпин менен Байдендин ушул жылдын аягында боло турган саммитине жол ачат деген үмүт болгон”. («Reuters», 20.06.23).

6 – Украинадагы согуш маселесине келсек, «Al Jazeera Net» мындай деп жазат: “Блинкен Кытайдын Украинада туруктуу тынчтык орнотуу боюнча сунуштарын кубаттады. Ал Кытай Украинага каршы согушта Орусияга эч кандай колдоо көрсөтпөгөнүн ырастады. Бирок, ал «бул ишке кытайлык компаниялардын аралашуусунан» кабатырда экендигин баса белгиледи”. («Al-Jazeera Net», 19.06.23). Блинкен: «Кытай Америка Кошмо Штаттарына жана башка өлкөлөргө Орусияга кырсыктуу жардам бербей турганына ынандырды жана биз буга каршы келе турган эч кандай далил көргөн жокпуз», - деди. Ал белгилегендей, Кытайдын ынандыруусу акыркы апталарда айтылган билдирүүлөрүнө шайкеш келет. («CNN», 19.06.23).

7 – Тайвань маселеси боюнча «Аш-Шарк аль-Авсат» гезити мындай кабар кылат: Кытай тышкы иштер министри Тайвань маселеси боюнча өз өлкөсүнүн позициясын баса белгиледи. Пекин акыркы жылдарда Вашингтон менен Тайвань бийликтеринин ортосундагы жакындашуу бул аралдын көз карандысыздыгын колдогон партиядан келип чыккан тынымсыз жакындашуу деп эсептерин билдирди. Цинь Ган: “Тайвань маселеси Кытайдын негизги кызыкчылыктарынын борборунда болуп, Кытай-АКШ мамилелериндеги эң маанилүү маселе жана эң чоң кооп-коркунуч саналат”, - деди. Чен Ганг баса белгилеп: “Кытай Кошмо Штаттарды бир Кытай принцибин, башкача айтканда, Тайвань менен официалдуу мамилелерди түзбөө жана тайвандык сепаратисттерге колдоо көрсөтпөө милдеттенмесин урматтоого чакырат», - деди. О.э. Кытайдын тышкы иштер боюнча жогорку даражалуу расмий өкүлү

Ван И АКШнын мамлекеттик катчысына анын өлкөсү Тайванга карата «эч кандай жеңилдикке» барбайт деп ишендирди... («Аш-Шарк аль-Авсат», 19.06.23). Блинкен өз кезегинде анын өлкөсү Тайвандын көз карандысыздыгын колдоборун жана маселенин тынчтык жолу менен чечилишин күтөрүн билдирип, “Кытай менен түзүлө турган макулдашуу Тайванга байланыштуу ар кандай талаш-тартыштарды тынчтык жол менен чечүүгө умтулууга негизделет, биз бир Кытайды колдойбуз», - деди. («Al-Jazeera Net», 19.06.23). Бул тууралуу «BBC» Блинкенге шилтеме кылып мындай кабар таратты: “Блинкен Кытайдын Тайвань кысыгындагы «провокациячыл аракеттерине» карата тынчсыздануу күчөп бара жатканын, бирок, АКШ Тайвандын көз карандысыздыгын колдобой турганын дагы бир жолу баса белгиледи. Анын айтымында, эгер Тайванга байланыштуу кризис жүз берсе, ал «бүт дүйнөгө таасир кыла турган экономикалык кризиске алып келет». Ал түшүндүргөндөй, коммерциялык контейнерлердин 50%ы күн сайын Тайвань кысыгы аркылуу өтөт. Ал эми, жарым өткөргүчтөрдүн (semi conductor) экспортунун 70% Тайванда жасалат”. («BBC», 19.06.23).

Үчүнчүсү: бул нерселерден ушулар көрүнүп турат:

1 – АКШнын Тайванга карата позициясында эч кандай өзгөрүү жок. Себеби, Америка Кошмо Штаттары Тайвандын көз карандысыздыгын тааныган эмес. Белгилей кетсек, Тайвандын көз карандысыздыгын расмий тааныган 15ке жакын өлкө бар, анын ичинде Ватикан да бар. Америка Кошмо Штаттары Тайвандын кез карандысыздыгын официалдуу түрдө таанууга токтом кылбаган болсо да, бирок, Тайванга көз карандысыз өлкө катары мамиле кылат. Муну тастыктаган нерсе – Тайбэйде Америка өкүлчүлүгү бар, ал Америка элчилиги катары иштейт. Америка Тайвань менен коргонуу келишимдерин түзүп, ага ар кандай заманбап курал-жарактарды жана башка жардамдарды берген. Америка Кытайдан Тайванга карата аскерий чабуул боло турган болсо, Тайванды коргой турганын жарыялады. Байден муну былтыры май айында тастыктаган. АКШ президенти Жо Байден “Кытай

Тайвань маселесинде от менен ойноп жатат деп эскертип, эгер, ал аралга чабуул жасаса, аны коргоо үчүн аскерий кийлигишүүгө убада берген". («BBC», 23.05.22).

2 – Блинкендин бул сапары жана анын «жыйынтыктары» эки өлкөнүн ортосундагы кырдаалды тынчтандырууга аздык кылат, бирок, бул эки өлкөнүн ортосундагы тынчтык эшигин убактылуу ачышы жана башка жумуш сапарларына жолдомо болуп калышы мүмкүн... Суроодо айтылгандай, Блинкендин Кытайга визити ушул жолугушуулар үчүн чөйрөө даярдашы божомолдонот – АКШнын Каржы министри Жанет Йеллен жакында Кытайга расмий сапар менен барат. Соода министри Жина Раймондо жана Байдендин климат боюнча өкүлү Жон Керри да сапарга кошулушу мүмкүн... Анткени, экөө тең Кытай менен Америка Кошмо Штаттарын кызматташуунун жалпы таламдары менен байланыштырган маселелер үчүн жооптуу адамдар. Ошондой эле, президент Си Цзиньпин ноябрда Сан-Франциского барып, Азия-Тынч океаны экономикалык кызматташтык жыйынына катышып, ал жерде Байден менен жолугушуусу мүмкүн. Бирок, бул эки өлкөнүн ортосундагы тирешүү эшиги жабылып, эки өлкөнүн ортосунда туруктуу элдешүүнүн жаңы эшиги ачылып калды дегенди билдирбейт. Бул, ыктымалдан алыс күмөн, анткени, алардын кызыкчылыктары эки башка... Американын Жапония, Түштүк Корея, Филиппин сыяктуу Кытайдын тегерегиндеги союздаштары, анан Тайван маселеси... Мунун баары чыңалуунун эшиги жабылышына тоскоол болот. Тескерисинче, эки өлкөнүн кызыкчылыгына ылайык ал ачылган бойдон кала берет...

3 – Бирок, Блинкен сапарында ишке ашпай калган маанилүү максаттардын бири – Кытай менен Америка аскерлеринин ортосунда байланыш каналын ачууну каалаган Американын тыңчылык каалоосу! Кытай муну түшүнгөндөй, ошондуктан, ал каналдарды жандантууну таптакыр четке какты. Бул нерсе Блинкендин ачуусун келтирди. Ал муну ачык көрсөтпөсө

да, бирок, анын сөздөрүнөн жана билдирүүлөрүнөн көрүнүп турат. Биз жогоруда аны баяндадык, аларды дагы бир жолу эске салып кетейин:

• Блинкен менен 35 мүнөттүк жолугушуудан кийин канааттанганын билдирген Кытай лидеринин позитивдүү сөзүнө карабастан, бирок Пекин Вашингтон менен аскердик каналдарды кайра ачуудан баш тартканын ачык көрсөттү. Белгилей кетсек, бул маселе президент Жо Байдендин администрациясы үчүн приоритеттүү маселе жана бул сапардын негизги максаттарынын бири болгон.

• Кытайдын жогорку кызматтагы адамдары менен эки күндүк жолугушуудан кийин Блинкен Америка Кошмо Штаттары бул сапарга конкреттүү максаттарды коюп аларга жеткенин айтты, аскерий байланыштарды кайра калыбына келтирүү маселесин «кайра-кайра көтөргөнүн» билдирди. Ал: «Бизде мындай байланыштардын болушу абдан маанилүү (...) Биз бул маселе үстүндө иштөөнү улантабыз», - деп кошумчалады.

• Соңку эки окуя чатакка айланып кетиши мүмкүн деген кооптонууну жаратты. Жакында эле Кытай АКШнын коргоо министри Ллойд Остин менен Кытайдын коргоо министри Ли Чанфунун Сингапурда өтө турган жолугушуусунан баш тартты... Блинкен өзүнүн жолугушууларында мындай каналдардын зарылдыгын «кайра-кайра» көтөргөнү менен «алга жылыш жок» деди. Блинкен: «Учурда Кытай аны улантууга макул болгон жок. Менимче, бул маселенин үстүндө иштөөнү улантышыбыз керек, бул байланыш каналдарын калыбына келтирүү абдан маанилүү», - деп кошумчалады.

4 – Ыктымал, Кытайдын бул позициялары аскердик байланыштарды камсыз кыла албагандыктан Блинкендин оюнда сакталып калса керек. Ошондуктан, суроодо анын акыркы билдирүүлөрү орун алды... О.э. «Саба» веб-сайты 2023-жылдын 29-июнунда жарыялаган билдирүүдө мындай делет: “Кытайдын “Синьхуа” маалымат агенттиги Кытайдын тышкы иштер министрлигинин басма сөз катчысы МаоНиндин АКШнын мамлекеттик

катчысы Энтони Блинкендин билдирүүлөрүнө жооб иретинде айткан сөздөрүн ачыктады. Ал мындай дейт: «АКШ менен Кытайдын ортосунда пикир келишпестиктер бар экени жашыруун эмес». Ал: «Кошмо Штаттардын айткандары жана кылгандары эл аралык мамилелерди жөнгө салган негизги эрежелерди бузат», - деп кошумчалап, анын өлкөсү бул маселеге каршы экенин баса белгиледи".

Аллах Азза ва Жалла айтат:

﴾وَكَذَٰلِكَ نُوَلِّي بَعْضَ الظَّالِمِينَ بَعْضًا بِمَا كَانُوا يَكْسِبُونَ﴿

«Жана кылып жүргөн күнөөлөрү себептүү залимдерди бири-бирине дос кылып коёбуз» [6:129]

﴾وَالْكَافِرُونَ هُمُ الظَّالِمُونَ﴿

«Кафир болгон кимселер гана зулум кылуучулар» [2:254]

**15-зулхижжа, 1444-х.**

**3-июль, 2023-м.**

## АКШ менен Франциянын жакындашуусу тууралуу суроого жооп

**Суроо:** *АКШ президенти Дональд Трамп бейшемби күнү Францияга жасаган сапары жөнүндө дагы сүйлөдү... Трамп «Нью-Йорк Таймс» гезитине берген интервьюсунда: «Макрон зирек, көрүнүктүү, күчтүү жана колумду кысууну жакшы көргөн адам», - деди жана кошумчалап: «Адамдар ал менин колумду канчалык даражада кысууну каалашын элестете да алышпайт», - деди. (Арабийя дот нет сайты, Вашингтон Франс пресс, 2017-жыл 20-июль). Президент Трамп 2017-жылы 13-июлда Парижге сапар кылып, Франциянын учурдагы президенти Макрон аны салтанатуу күтүп алган. Ошол эле учурда Франциянын мурдагы президент Олланд Америка президентине нааразы экенин билдирди. О.э. Европа жетекчилери да президент Трампты көп сындашты. Ошондой болгон соң, Америка менен Франция жакындашуусу эмнени түшүндүрөт? Трамптын Парижге жасаган сапарынан көздөлгөн максат эмне? Франция президенти Макрон*

*Америка-Франциянын Сириядагы жаңы стратегиясы жөнүндө сүйлөп жаткан соң, бул сапар Сириядагы абалга таасир кылабы?*

**Жооп:** Трамптын эл аралык саясаттагы башаламан аракети этибарды тарта турган даражада чаташ натыйжаларга алып келүүдө. Мисалы, Трамптын НАТО союзунан күтүп жаткан белек (союздагы мамлекеттер төлөй турган акча) жөнүндөгү билдирүүлөрү Америка саясатына тескери реакция берди. Алардын эң белгилүүсү Берлин тарабынан болду. Мындан тышкары Трамп шайлоо кампаниясында жана 2017-жылы 20-январда президенттик кызматына отургандан кийин Европа Союзуна карата душмандыгын жашырбады. О.э. Трамп Британиянын Брексит деген референдумун мактады жана Американын Брюсселдеги элчиси Европа Союзу ыдыроого жакын калганын айтты. Мындан тышкары Америка Нидерланддагы жана Франциядагы шайлоолордо Евросоюзга каршы күчтөр жеңишке жетишишин жана Евросоюз 2017-жылы ыдырашын айтты. Мына ушулар себептүү Европа Трампка карата сак турду жана Британия доминосу Нидерландия жана Францияга жетишине жол бербеди. Ошентип, Европа өз союзу ыдырап кетишинин алдын алды.

Трамптын эл аралык саясаттагы башаламан аракети анын өз убадаларынан баш тартышын күчөттү. Мисалы, ал НАТО союзун эскирген союз деп атап, бул позициясынан ашкере баш тартышы, климаттын өзгөрүшү жөнүндөгү Париж келишиминен чыгып, кийин кайра ал жөнүндө сүйлөшүү өткөрүү сунушташы, Түндүк Корея менен согуш жакасына келип, кийин андан кайтышы, Кытай жөнүндө терс фикир билдирип, кийин Кытай менен Түндүк Кореянын алакаларын күтүшү, Сирия тармагында күчтүү билдирүүлөрдү берип, кийин жараянды Астана жана Женевада өз абалына таштап коюушу… булардын баары Трамптын өз чечиминен кайтышына мисалдар.

О.э. ички тартипсиздиктер, өзгөчө шайлоолордо аны Россия колдоп-кубаттаганы жаатында оппоненттердин ага каршы чыгуу маселесин алып

карасак, мунун натыйжасында президент жана анын мекемесиндеги айрым адамдардын Россия менен болгон алакалары Америкада маанилүү маселеге айланды. Бул абал Россия-Америка келишимин түзүүдө президентке жардам бербеди жана келишим артка сүрүлдү. Трамп Россия Президенти менен 2017-жылы 7-июлда Германиянын Гамбург шаарында болуп өткөн G20 саммити кулуарларында бир ирет жолугушту. Америка-Россия алакалары конгресс Россияга каршы жаңы санкцияларды кабыл алган убакта болгону дагы да чаташтыкты күчөттү. Буга кошумча Россиянын шайлоолорго аралашканы жөнүндөгү билдирүүлөр Трамптын оор абалын дагы да күчөттү. Мында Трамптын Америка менен Москва ортосундагы байланыштарды оңдоодо кыйын абалга түшүп калганын эстөө жетиштүү...

Булардын баары Америка жана Европа союзу ортосундагы саясий алакаларды начарлатты. Бул абал Еворопа союзу мамлекеттеринин саясатына кызмат кылды. Бул мамлекеттердин Трамп саясатына карата позициясы жөнүндө айтып, кийин Трампты Парижге чакырган жана аны жылуу күтүп алган Франциянын позициясы жөнүндө айтып өтөбүз:

1 – Британия жөнүндө айтсак, Британия премьер-министри Тереза Мей 2017-жылы 26-январда Вашингтонго сапар жасашы жана Вашингтон менен соода-сатык келишимин түзүүгө умтулушу Евросоюздун мамлекеттерине союздан чыгууга кызыктырган үлгү болду. О.э. Британия Америка менен жакын мамилеге киришип, Трамп администрациясын кубантты. Бирок, Американын Европа союзунун ыдырашы жөнүндөгү арзууларын таш капкан соң т.а. Нидерланд жана Франция шайлоолорунда Европаны колдоочулар ийгиликке жетишкен соң Трамптын Британияга карата оң көз карашы өзгөрдү. Себеби, Трамп Британия Европаны ыдыратууга жетекчилик кылышын каалаган эле. Лондондо жүз берген Брексит Париж жана Амстердамда кайталанбаган соң Америка Британиянын тарабын алууну токтотту, бул болсо Лондонду алдастатып койду. Америка малайы Сисийди Британиянын Ливиядагы кызыкчылыктарына каршы

Хафтарды колдоого үндөдү. О.э. Америка өз малайларын Британиянын араб жана исламий дүйнөдөгү торпедасы болгон Катарга каршы сокку берүүгө үндөдү. Мына ушул жана башка себептерге ылайык Британия саясаты дүрбөлөңгө түштү жана Америкага карата ишеничин жоготту. Ошондуктан, бир тараптан Америка балкасы, экинчи тараптан андан чыгуу үчүн сүйлөшүүлөр өткөрүп жаткан Европа дөшүсү ортосунда калды. Британия премьер-министри мына ушундай абал алдында мөөнөтүнөн мурда шайлоолор өткөрүлүшү жөнүндө жарыялады, бул нерсе а түгүл өкмөт мүчөлөрүнө да күтүлбөгөн нерсе болду. 2017-жылы 8-июнь шайлоолорунда алдын ала пландалган натыйжадан кийин Британия Евросоюздан чыгуу же ага кайтуу маселесинде экиленип калды. Себеби, шайлоолор чыгууну колдоп жаткандар союзда калууну колдоп жаткандардан аз экенин көрсөттү.

2 – Бул жерде андан да маанилүү тарап – бул Россия. Россия 2014-жылы Крымды өзүнө кошуп алып, Украина чыгышында согуш тутандырганда Европанын багыты Америка менен шайкеш эле. О.э. европалыктар Путиндин Чыгыш Европа чегараларын бузушу туурасындагы кабатырлары Америка-Европа санкциялары менен шайкеш эле. Бирок, Трамп шайлоо кампаниясынан бери бул санкцияларды сындап, Россия менен жылуу алакаларды орнотуу жөнүндө убада берип жаткан. Ушул себептен улам, Европа Американы Россиянын жаңыдан жогорулашына каршы күрөшүү үчүн жалгыз өзүн таштап койду.

Европа жетекчилери Америка Обама доорунда эле, өзгөчө Сирия согушунда катышкандан кийин Россиянын күчөшүнө жол ачып бергенин билишкен. Бирок, Трамп эл аралык мамилелерде Россия менен башка союз түзбөшү жөнүндө айткан. Себеби, бул Европанын эл аралык кризистерде роль ойноо туурасындагы арзууларын жокко чыгарат.

3 – Ал эми, Германиянын багыты Американын жаңы саясатына каршы күрөштө олуттуу түс алды. Американын НАТО мамлекеттерин сындашы Германияга жакпады, Европа жана Германия коргоо маселелеринде

Америка үчүн коргон болуп калышын макулдабады. О.э. Американын климаттын өзгөрүшү келишиминен чыгып кетишин каралап, бул жөнүндө жаңы келишим түзүүдөн баш тартты. Мындан тышкары Трамптын Саудия менен түзгөн курал-жарак жөнүндөгү келишимин сындап, аны региондо ансыз да өрттөнүп жаткан отко керосин себүү деп баалады. Франциянын позициясы өзгөрүп калган болсо да ал өз позициясында бекем турду. Германиянын Deutsche Welle радиосуна ылайык, Германия канцлери Меркель Германияда болуп өткөн G20 саммитинде Америка президентине карата катуу позицияда болгон. Бирок, Франция президенти Трамптын ачуусун келтирбөөгө аракет кылган. (Deutsche Welle, 2017-жыл 14-июль). Кыскача айтсак, Германия кеңири түрдө улуу мамлекет болуу аракетин баштап жиберген. Булардын баары Американын жаңы саясаты натыйжасында жүз берген.

4 – Эми Трамптын Францияга жасаган сапары, Америка менен Франциянын жакындашуусу, Франция Америка президентин 2017-жылы 13-июлдагы улуттук майрамга катышууга чакырышы, Американын Биринчи Дүйнөлүк Согушуна катышканына жүз жыл болгонун эстетиши жөнүндө сөз кылабыз... Америка президенти Европа менен болгон алакаларды курчутуп жаткан убакта Франция аны улуттук майрамга катышууга чакырышы. Elaph News гезити жазышынча «Макрон Трамп менен болгон телефон сүйлөшүүсүндө аны үчүнчү ирет Францияга сапар жасоого жана улуттук майрамга катышууга чакырган».

Макрон Трампты биринчи ирет май айында Брюсселде болуп өткөн НАТО саммитинде чакырган. (Elaph гезити 2017-жыл 28-май). Экинчи ирет Германияда 2017-жылы 7-июлда болуп өткөн G20 саммитинде чакырган. Мында Франция президенти Макрон Трампты климаттын өзгөрүшү жөнүндөгү келишимден чыкканы себептүү катуу сындап жаткан Европа жетекчилери арасында жекеленип калганын да унуттура турагн даражада жылуу күтүп алды. А түгүл Трамп өзү да мындай чөйрөдө аны чакырып

жатканынан тынчсызданып калды. «Трамп 2014-жылы 195 мамлекет кол койгон климаттын өзгөрүшү жөнүндөгү келишимден чыгууга чечим кылгандан кийин мындай сунуш алганына «тынчсызданып» калганы жөнүндө айтты». (Арабийя, 2017-жыл 20-июль).

5 – Ал эми, Франциянын мындай жаңы багытынан көздөгөн максаты жөнүндө айтсак, Франция Евросоюздагы борбордук уюл болуп, Европа мамлекеттери ичинде Трампты эң көп сындаган жана анын саясаты Америка-Европа алакаларына тийгизген таасиринен көп кабатырланган мамлекет. Мурдагы президент Олланд гана эмес, учурдагы президент Макрон да өзүнүн президенттик кампаниясында жакын күндөргө чейин да аны катуу сындап жаткан. Франциянын Америкага карата жан тартышы акыркы апталарда жүзөгө келди. Ушундай ашкере даражада жүзөгө келди, Макрон Америка президенти Трампты Францияга чакырды, аны жылуу күтүп алып, чоң урмат көрсөттү... Бул жакындашуунун маанилүү эки нерсеси бар:

–Биринчиси, Сирияга байланыштуу. Макрон мурдараак Башар ордуна башка мыйзамдуу альтернатива көрбөй жатканын жана бардык нерсени ордуна коюу үчүн Башарды алуу шарт эместигин жарыялаган... (Рейтер, 2017-жыл 21-июнь). Америка президенти келишинен мурда толуп саясий чечимге жетүү үчүн Франция Сирия жөнүндөгү фикирин өзгөрттү, ошондуктан, Башардын бийликтен кетиши шарт эмес деп билебиз деди. (Ортоңку Чыгыш, 2017-жыл 13-июль). Франция ушул позициясы менен Сириядагы көпчүлүк топторго жана режимдин тизгинин кармап турган Америкага жакындаша баштады. Бул жакындашуудан максат, өзү көптөн бери умтулуп жаткан Сирияда өзүнө ылайык ролго ээ болуу... Франция мындай ролго Америка уруксаты менен гана ээ болушун билет... Ошондуктан, ал Трампты жылуу күтүп алды жана Башардын кетишин каалабады, себеби, ал Америка Башардын ордуна жаңы малайды дайындап алгандан кийин гана кетирүүнү каалап жатканын билет. Ошондуктан, ал Франциянын кызматташтыгына тоскоолдук болот деп, мурдагы

позициясынан баш тартты жана террорго каршы күрөштө Трамп дирижёр болуп жаткан обонго бийлей баштады... Ошондуктан, президент Эммануэль Макрон кесиптеши Дональд Трамп менен өткөргөн басма сөз конференциясында мындай деди: «Биз президент Трамп менен Ирак жана Сирияда согуштан кийинки баскыч үчүн жол картасын түзүүгө келишип алдык». Макрон бейшемби күнү Парижде кошумчалап мындай деди: «Америка президенти менен террорго каршы күрөштө бардык күчтү жумшоого келишип алдык...». ( Русиял явм, 2017-жыл 13-июль).

–Ал эми, экинчиси, Франция Германиянын ролу күчөп жатканынан кабатырда. Мына ушул кабатыр себептүү Германияга каршылык билдирип жатат. Германия Трампты сындап жаткан убакта Франция аны мактоодо! Америка президентинин Парижге жасаган сапары аягына жетиши менен Франциянын БУУдагы элчиси Франсуа Делаттр мындай деди: «Сирия туурасында Париж сунуштап жаткан байланыш тобу Коопсуздук Кеңешине мүчө мамлекеттер  жана региондогу активдүү тараптарды өз ичине алышы керек». Дипломат жума күнү кечинде Коопсуздук Кеңешинин жабык эшиктер артында жолугушуусуна катышуудан мурда мындай деди: «Ушул топ тынчтык орнотушу жана жол картасын даярдашы керек». Франция өкүлү дагы ушуну кошумча кылды: «Учурда Эл аралык коомчулук бир сөзгө келишиши жана жаңы демилгелерди алга сүрүшү лазым. Дипломат бул сөзү менен атайын эл аралык элчи Стаффан де Мистураны колдоп-кубаттады...». (Русиял явм, 2017-жыл 14-июль).

Ошентип, Франция «Сирия туурасында байланыш тобун» түзмөкчү жана бул топ Коопсуздук Кеңешинин бардык мүчөлөрүн жана региондогу активдүү тараптарды өз ичине алышын талап кылууда. О.э. өзү менен мамиледе болушу үчүн беш мамлекетке демилге сунуш кылууда. Башкача айтканда Германияны Коопсуздук Кеңешинин мүчөсү эмес деген этибарда ушул ролдон куру калтырмакчы. Бул нерсе Франциянын Германиянын

күчөшүнө болгон тынчсызданууусун жана ал үчүн бирер эл аралык роль болушун каалабай жатканын ачыкка чыгарып жатат...

6 – Ошентип, Трамптын өзгөрүүчөн саясаты жана Францияга жасаган сапары Америка менен Европа ортосунда эл аралык саясатта өзгөрүүнү пайда кылды. Ал тургай, айрым маалымат каражаттары бул сапарды жаңы эл аралык түзүмдүн башталышы деп эсептешти. «Британияда чыккан Таймс гезити Америка президенти Трамптын Франция борбору Парижге жасаган сапарын жаңы эл аралык түзүмдүн башталышы деп эсептеди. Франция президенти Макрон Францияны Америка жана Германия менен жаңы алакаларга карай жетектөөдө деди. Дагы гезит билдиришинче, Британия Евросоюздан чыгып кеткенден кийин Макрон өзүн бул союздун жетекчиси катары көрүп жатат. Гезиттин айтышынча, Британия союздан чыгып кеткенден кийин Европа оюн картасы Франциянын колуна өтөт. О.э. гезит башкы макаласында тыянак кылышынча, Европа союзу ушундай түзүлгөн, Франция да, Германия да ага жеке өкүмдар боло албайт. Бул эки өлкө бири-бирине душмандык кылуу заманынан өтүп кеткен, Европаны жетектөөдө биргеликте аракет кылышты. Бирок, бүгүн алар дагы бири-бирине тескери багытта кетүүдө. Франция Макрон жетекчилиги астында Европаны башкарууну каалап жаткан болсо, Германия Меркель жетекчилиги астында Европаны бекем сактоону каалап жатат...». (Вафд сайты, 2017-жыл 14-июль).

7 – Бирок, Жоопду аяктап жатып мындай дейбиз, Франциянын Сирия сахнасына кирүү жөнүндөгү арзуусу алыска созулбайт жана Американын Сирия кризисине жеке өкүмдарлык кылууну каалап жаткан позициясы менен кагылышат. Америка-Франциянын Сирия багытындагы айрым жылуу мамилелери Франция менен Германия ортосундагы күрөштү күчөтүү үчүн гана болот. Себеби, Америка ушундай кылса, алар Европа Союзун ыдыратуу үчүн бири-бири менен жаңжалдашат...

Бирок, Францияның Германия күчөп кетишинен коркушу чыныгы коркунуч. Себеби, Германиядагы мамлекет негиздери Франциядагы мамлекет негиздеринен үстөм, бул тарыхий жана географиялык жактан белгилүү. О.э. Германия аны таасир кылуучу эл аралык аскерий роль ойношунан кайтарган, жалаң экономикалык таасирге ээ болууга гана уруксат берген Экинчи Дүйнөлүк Согуштун мажбурияттарынан кутулуп жаткан соң, Франция канчалык Америкага жакындашпасын Германия дагы бир ирет Франциядан күчтүү мамлекет болушу күтүлүүдө.

Аллах Тааладан алардын өз ара душмандыктарын күчөтүшүн жана өздөрү тутандырган отто өздөрүн өрттөшүн сурайбыз. Аллах Таала айтат:

***«Алардан мурдагы** (кафир) **кимселер да** (өз пайгамбарларына мына ушуга окшош) **айла-амалдарды кылышкан эле. Ошондо Аллах алар** (курган айлакерлик) **курулуштарын асты-үстү менен көчүрүп салды, анан, алар** (ойлоп чыгарып алган курулуш-түзүмдөрү)**нүн шыбы өздөрүнүн үстүнө кулады жана аларга өздөрү сезбеген, күтпөгөн тараптан азап келди»*** [16:26]

О.э. жакында Исламий мамлекет алардын өлкөлөрүнө кирип барышын, дүйнөгө жакшылык жайышын жана Расулуллах агасөздөрүн жүзөгө чыгышын сурайбыз. Расулуллах с.а.в. айтат:

**«Бул иш күн жана түн жетип барган жайга чейин жетип барат. Аллах бир да отурукташкан үйдү, бир да көчмөнчүнүн үйүн калтырбастан, бул динди азиздин азиздиги же кордун кордугу менен киргизет. Ушундай азиздик, аны менен Аллах Ислам динин азиз кылат. Ушундай кордук, аны менен Аллах куфрду кор кылат».** Имам Ахмад өзүнүн муснадында Тамим Дарийден чыгарган, Байхакий Сунан китебинде чыгарган, Хаким мустадракта чыгарган. Бул нерсе Аллахтын жардамы жана тавфики менен жүзөгө чыгат. Бул нерсе Аллах үчүн кыйын эмес.

**29-шаввал, 1438-х.**

**23-июль, 2017-м.**

## АКШ Британия жана Австралия менен биргеликте түзгөн аскерий союздун мааниси жана көлөмү

**Суроо**: *АКШ Британия жана Австралия менен биргеликте түзгөн аскерий союздун (AUKUS коргонуу альянсынын) мааниси жана көлөмү кандай? Бул альянс Кытайга каршы түзүлдүбү? Же Британия жана Американын Францияга карата соккусубу? Анткени, Франция мындан мурун Тунисте Британия таасирине чекит койгон болсо, анын Гвинеядагы малайлары Америка малайларына каршы мамлекеттик төңкөрүш жасашты. Андан тышкары, Франция Америкадан көз карандысыз аскерий күч түзүүгө катуу аракет кылып келет.*

**Жооп:** Бул суроолордун Жоопу айкын болушу үчүн ушуларды карап чыгабыз:

1 – Видеоконференция аркылуу өткөрүлгөн бул жолугушууларда АКШ президенти Байден, Британия премьер-министри Жонсон жана Австралия премьер-министри Моррисон коопсуздук тармагында үч тараптуу кызматташуу башталганын билдиришти. «Скай Ньюс Арабик» 2021-жылы 16-сентябрда кабарлагандай, Байден жолугушууда: «Индия-Тынч океаны регионунда узак мөөнөттүү тынчтыкты жана туруктуулукту орнотуу зарылдыгын баарыбыз моюнга алабыз», - деди. Моррисон болсо: «Биз ядролук куралдарды жайылтпоо жөнүндөгү бардык милдеттерибизди аткарууну улантабыз», - деди. Британия премьер-министри Жонсон да бул чечимди өтө маанилүү деп баалап: «Дүйнөдөгү эң татаал долбоорлордун бири болот», - деп билдирди. Бул мамлекеттер союздун даярдыгын жашыруун алып барышты. Капыстан ишке ашканы үчүн Кытай менен Франция абдырап калышты.

2 – Франция абдан катуу ачууланып, Америка жана Австралияны жалганчы деп, Британияны болсо оппортунизмде айыптады. Австралия 2016-

жылы 56 миллиард еврого суу астында жүргөн кемелерди сатып алуу жөнүндө Франция менен түзгөн келишимди бекер кылганы үчүн Франция бул союзду арттан сайылган бычак деп атады. («Би-Би-Си», 2021-жыл, 18-сентябрь). Ал эми, Кытай Азия континентинде суук согуштун биринчи огу атылганын эскертти. Кытай Кошмо Штаттарды жана Британияны бул союздун ядролук куралды жайылтпоо келишимине канчалык туура келерин карап чыгууга чакырып, ядролук мамлекет болбогон Австралияга суу астында жүргөн атомдук кемелер технологиясын өткөрүү бул келишимдин бузулушуна алып келерин баса белгиледи. Шек-күмөнсүз, Кытай бул союзду өзү үчүн коркунуч деп билип жатат. Себеби, Чыгыш Азия деңиздериндеги Кытайдын гегемониясына каршы турган Австралия бул союз аркылуу суу астында жүргөн атомдук кемелерге ээ болууда.

3 – Американын адаттагы союздашы болгон Европа Трамп доорунун аягына барып өзүн жеңил сезе баштады. АКШ президенти Байден Трамптын «Оболу Америка» ураанына альтернатива катары «Америка артына кайтты» деген ураанды кабыл алып жар салганда Европа өзүн дагы да жеңил сезди. Бирок, Байден администрациясы Европанын көз караштарын жана кызыкчылыктарын эсепке албастан Афганистандан аскерий күчтөрдү алып чыгып кетиши Европа мамлекеттери АКШга көз каранды экенин көрсөтүп койду. АКШнын Афганистандан чыгышы Байден администрациясынын Трамптан кийин бийликке келгенден тартып тогуз айда ишке ашырган эң ири эл аралык операциясы болду. Мунун натыйжасында Европада Америкага карата көптөгөн сын-пикирлер айтылды. Алардын эң маанилүүсү – Франция Европада Америкадан көз карандысыз күч түзүүгө жана аны бекемдөөгө чакырганы болду. Ошондон кийин АКШ Европа Союзунан чыккан Британия жана Австралия менен биргеликте жаңы союз түзгөнүн билдирди. Бул болсо, абалды дагы да курчутту! Ошондуктан, Франция тышкы иштер министри «Бул Трамп ыкмасындагы күтүлбөгөн чечим», «Артыбыздан бычак

сайышты», «Бул ызааланткан сокку» деп баса белгиледи. Андан кийин Франция Вашингтондогу элчисин кеңешүү үчүн чакыртып алды!

4 – Бул жаңы аскерий союздун көлөмүнө назар салсак, эл аралык майданда чоң окуя жүз бергенин көрөбүз. Бул өз кезегинде, кеңири көлөмдүү акыбеттерге себеп болору анык. Муну Кытайдын өсүп келе жаткан таасирин токтотууга багытталган АКШнын стратегиясы алкагында о.э. Франция эл аралык майданда каршылаш аракеттерди жасап Европа Союзундагы башка мамлекеттерге таасир өткөргөнү үчүн АКШ жана Британия тарабынан жазаланышы алкагында баалай алабыз:

• Кытайга карата:

Бүгүнкү күндө АКШнын негизги стратегиялык максаты – Кытайдын өсүп келе жаткан таасирине каршы күрөшүү о.э. анын эл аралык экономикалык жана регионалдык аскерий кооп-коркунучтарын алдын алуу экени эч кимге, өзгөчө Кытайга сыр эмес. Ошондуктан, Кытай – алгач жарыя кылынганда эле – бул аскерий союздун максаттарын түшүнүп, ал кабыл алгыс нерсе экенин билдирди. О.э. бул союз «суук согуш менталитети» жана «идеологиялык тарапкечтик» негизинде түзүлгөнүн, «ядролук куралдарды жайылтпоо» жөнүндөгү келишимди бузуп жатканын баса белгиледи. «Кытайдын Вашингтондогу элчилигинин маалымат катчысы Лю Пэнъюй баса белгилегендей, бул мамлекеттер башка тараптардын кызыкчылыктарына каратылган же зыян жеткире турган эксклюзивдүү блокторду түзбөшү о.э. биринчи кезекте суук согуш менталитетинен жана идеологиялык тарапкечтиктен баш тартышы зарыл»... («Ал-Жазира», 2021-жыл, 16-сентябрь).

Ошентип, Кытай:

а) Шек-күмөнсүз, Кытай бул кадам жаңы ядролук альянс катары ага каршы каратылганын, ал кудум Советтер Союзуна каршы түзүлгөн НАТО сыяктуу болорун түшүнүп турат. «Ал-Жазира» «Вашингтон Пост» гезитинен цитата келтирет: «Бул союз Австралияга дизель кыймылдаткычтагы

субмариналардын ордуна алдыңкы ядролук реакторлор менен аракеттенген суу астында жүргөн кемелерге ээлик кылуу жана пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берет. О.э. Австралияга ушундай бир чабуул кылуу жөндөмдүүлүгүн берет, эгер кандайдыр бир жаңжал чыкса, Кытай Австралиянын бул жөндөмүн эсепке алууга мажбур болот». («Ал-Жазира», 2021-жыл, 17-сентябрь). Башкача айтканда, бул келишим Австралияны суу астында жүргөн атомдук кемелер жана АКШнын Томагавк тибиндеги ракеталары менен камсыздайт. Муну менен Австралия Азиядагы Кытайга каршы жүзүктөрдүн бири катары аскерий жөндөмдүүлүгүн бекемдейт.

б) Кытай анын өсүп келе жаткан таасирине каршы каратылган АКШнын стратегиясы Вашингтондогу администрациянын өзгөрүшү менен өзгөрбөшүн жакшы билет. Бул стратегиянын негизги максаты – Кытайдын айланасындагы ага каршы мамлекеттерди күчөтүү о.э. Кытайды кошумча кооп-коркунучтар менен курчап алуу. Ошентип, Америка ачык деңиз зоналары жана навигация эркиндиги деп Кытайдын айланасындагы деңиздерди аскерийлештирүүдө. Муну өзүнүн аскерий техникасын түздөн-түз алып баруу аркылуу ишке ашырабы же Япония, Түштүк Корея, Австралия, Индия жана башка Кытайга каршы Азия топторун аскерий жактан түздөн-түз жана ачык колдоп-кубаттоо аркылуу ишке ашырабы, айырмасы жок. Америка Ирак жана Афганистандагы согуштары себептүү Кытайдын өсүп келе жаткан таасирин токтотуу саясаты кечиккенин түшүнүп турат. Өз кезегинде, Кытай да бул кечигүү Вашингтонду Кытайдын өсүп келе жаткан таасирин токтотууга үндөп жатканын билип жатат. Бул өтө кооптуу. Себеби, Трамп администрациясынын Япония жана Түштүк Кореяга ядролук куралдарды жеткирүү идеясы жана бүгүнкү күнгө келип Байден администрациясы Австралияга суу астында жүргөн атомдук кемелерди убада кылышы АКШнын Кытайга карата саясатынын кооп-коркунучун дагы да күчөтөт жана бул саясат мындан кийин эл аралык конвенцияларга моюн сунбайт.

• AUKUS алкагында бириккен үч мамлекет жөнүндө айтсак, 2021-жылы 16-сентябрда «Ал-Жазира» мындай кабар таратты:

а) «АКШ администрациясынын жогорку даражадагы чиновниктери «Коргонуу тармагындагы бул кызматташтык Кытайдын региондогу таасири күчөп жаткан учурда болуп жатканын» билдирди. АКШ президенти Жо Байден өз билдирүүсүндө: «Британия жана Австралия менен түзүлгөн AUKUS коопсуздук келишими бул мамлекеттерге эң заманбап манёвр кылуу жөндөмүнө ээ болуу о.э. тез өнүгүп жаткан кооп-коркунучтарга каршы туруу мүмкүнчүлүгүн берет», - деди».

б) «Британия премьер-министри Борис Жонсон АКШ жана Австралия менен үч тараптуу коргонуу кызматташтыгы Индия-Тынч океаны регионунда коопсуздук жана туруктуулукту сактоо үчүн биргеликте аракет кылууга багытталганын айтты. Анын сөдөрүнө ылайык, бул кызматташтыктын негизги милдети – Австралияга суу астында жүргөн атомдук кемелерге ээ болуусуна жардамдашуу».

в) Башка тараптан, Австралия премьер-министри Скотт Моррисон «анын өлкөсү салттуу суу астында жүргөн кемелерди сатып алуу боюнча 2016-жылы Франция менен түзүлгөн ири келишимди бекер кылганын, себеби, ал АКШ жана Британия жардамында ядролук реакторлор менен аракеттенген суу астында жүргөн кемелерди курууну абзел көрүп жатканын билдирди. О.э. ал Австралия ядролук куралга ээ болууга умтулбай жатканын, ядролук куралдарды жайылтпоо жаатында өз милдетин аткарууну улантып жатканын» кошумчалады.

• Францияга келсек, ал өтө ачууланып, болгон окуялардан дабдырап калды:

а) «Франция тышкы иштер министри Жан-Ив Ле Дриан Австралиянын суу астында жүргөн кемелерди сатып алуу боюнча Франция менен түзүлгөн мурунку келишимди бекер кыларын «Арттан сайылган бычак» деп сындады. Жан-Ив Ле Дриан «Франс Инфо» радиосуна берген интервьюда Франция

кыянатка кабылып, ачууланып жана ызааланып жатканын, бул жагдайга Австралия Франция менен түзгөн келишимди бузуп, суу астында жүргөн атомдук кемелерге ээ болуу боюнча АКШ жана Британия менен кызматташтык келишимин түзүшү себеп болгонун билдирди...». («Ал-Жазира», 2021-жыл, 16-сентябрь). Жан-Ив Ле Дриан дагы мындай деди: «Президент Макрондун талабына ылайык, Кошмо Штаттардагы жана Австралиядагы элчилерибизди кеңешүү үчүн тезинен чакыртып алдым. Бул ыкчам чыгарылган чечим болсо да, Австралия жана Кошмо Штаттардын 15-сентябрдагы олуттуу билдирүүлөрү бул чечимдин туура болгонун актайт». («arabic.euronews.com», 2021-жыл, 17-сентябрь). Ле Дриан «Франс Инфо» радиосуна берген интервьюда дагы мындай деди: «Мен өтө ачууланып жатам... Союздаштардын ортосунда мындай нерселер болушу мүмкүн эмес... Бул – жаакка тартуу». («Deutsche Welle», 2021-жыл, 17-сентябрь). Элчилерди чакыртып алуу тууралсындагы чечимден мурда «Франция өкмөтү Вашингтондо жума күнү өткөрүлө турган иш-чараны бекер кылды. Белгилүү болгондой, бул иш-чара Америка козголоңу убагында Франция чоң роль ойногон чечүүчү деңиз согушуна багышталган эле». («Ал-Жазира», 2021-жыл, 17-сентябрь).

б) Франция куралдуу күчтөрүнүн министри Флоранс Парли «Австралия салттуу суу астында жүргөн кемелерди сатып алуу боюнча Франция менен түзгөн ири келишимди бекер кылышы кооптуу жана өтө жаман кабар...» деп баалады. («Ал-Жазира», 2021-жыл, 16-сентябрь).

5 - Америка башчылыгындагы бул үч мамлекеттин эмне үчүн бул иштерди Франциядан алыста, жада калса, Францияны жазалай турган таризде ишке ашырганына келсек, мунун баяны төмөнкүдөй:

а) Франция Трамп администрациясынын саясатын ачык сындап, аны кабыл албастыгын айткан эле. Бул нерсе Түркия менен Греция ортосундагы Чыгыш Жер Ортолук деңиздеги кризисте ачык көрүнгөн. Байден администрациясы келип, Афганистандан Европа мамлекеттеринин Кошмо

Штаттарга көз карандылыгын көрсөтүп койгон таризде чыгып кеткен соң (бул мамлекеттер көз каранды эмес, союздаш катары көрүнүүнү каалашат) Франция Европа Союзунун курамында Америкадан (т.а. НАТОдон) көз карандысыз аскерий күч түзүү идеясын алга сүрдү. Башкача айтканда, Франция АКШнын Европа мамлекеттери үстүндөгү аскерий жетекчилигине дагы каршы болуп калды о.э. Американын Африкадагы таасирине каршы аракет кылууга батына баштады. Бул нерсе Гвинеядагы аскерий төңкөрүштө о.э. Франциянын Африкадагы Жээк мамлекеттеринде ишке ашырган аскерий аракеттеринде ачык көрүндү. Булардын баары Американын Францияга карата наараазылыгын жаратты.

б) Британиянын Европа Союзунун мамлекеттери менен алып барган Брексит сүйлөшүүлөрүнөн кийин Британия-Франция мамилелери кескин жамандашты. Эки мамлекеттин эч бири кескиндикти басаңдатууга аракет кылганы байкалбады. Бул абалды Европа Союзунан чыгып кеткен Британия Франция жана Европанын менен түзүлгөн келишим жана шарттар учурунда кежирдик кылып туруп алышында көрүүгө болот. Франция жана Европа Союзу мамлекеттери союздагы башка мамлекеттер Британияны ээрчип, ушул таризде союздан чыгып, союз келишимин бузууга тоскоолдук кылмакчы болгон көрүнөт. Бирок, бул нерсе Франция-Британия мамилелеринин болуп көрбөгөндөй жамандашуусуна алып келди. Алардын эл аралык саясаты сезилээрлик даражада бири-биринен ажырады. Франция Кайс Саиддин акыркы чечимдери аркылуу Тунисте бийликти колго алган соң, Британиянын эч бир кызыкчылыгын эсепке албай, ага каршы Америкадан жардам ала баштады. Мындай абал экөөсүнүн тең саясатында мурун болбогон.

в) Буга чейин, 2021-жылы май айынын башында Жерси аралы кризиси жүз берген. Белгилүү болгондой, Жерси Британия королдугуна караштуу арал болуп, Франция аймагынан болжолдуу 20 км. алыстыкта жайгашкан. Ошондо Британия Европа Союзунан чыккандан кийин француз балык улоо кемелеринин Британияга караштуу балык кармай турган аймактарга

киришине жол бербөө үчүн өзүнүн аскерий кемесин жиберген. Франция аралды электр энергиясынан үзүп коюу менен коркутту, кийин Британия көргөн чараларга жооп катары, француз балыкчыларын коргоо үчүн өзүнүн полиция жана жээк сакчыларынын кемелерин жиберди. Булардын баары эки малекет ортосундагы мамилелердин чыңалуусу ылдамдап кеткенинен кабар берет. Бул абал Британияны Францияга сокку берүүгө жана Американы ага каршы коюуга үндөдү. Бирок, булардын баары Британиянын адаты жана айла-амалы боюнча жашыруун ишке ашырылды. Американын «Нью-Йорк Таймс» гезити жазат: «Лондон жана Вашингтон расмийлеринин айтымында, Британия өкмөтү Тынч океанында суу астында жүргөн атомдук кемелерди жайгаштыруу үчүн АКШ жана Австралия менен үч тараптуу союз түзүп, бул жааттагы ролун мурун эле баштаган». («Арабийя», 2021-жыл, 19-сентябрь).

г) Бирок, өзгөчө Америка үчүн эң кооптуу нерсе Франциянын Кытайга карата – Америка позициясына тескери түрдө – пацифисттик мамиледе болушу. «Париж анын союздаштары региондо Кытайга карата Франция кызыкчылыктарына коркунуч туудура турган кагылышуу стратегиясын ишке ашырышынан тынчсызданып жатат. Индия-Тынч океанындагы үч тараптуу союздук стратегияда жол берилген ар кандай аскерий жаңылыштык «Жаңы Каледония» жана «Франция Полинезиясындагы» бир миллион француз жарандарынын коопсуздугуна коркунуч туудурат. Белгилүү болгондой, Франциянын бул эки маанилүү региону деңиз артындагы региондор катары таанылган...». Ошондуктан, Франция «кийинки жылдын башында Европа Союзунун төрагалыгын кабыл алгандан кийин Көз карандысыз Европа стратегиясынын багытын анык белгилеши, Европаны АКШнын коргонуу көлөкөсүнөн чыгарып алууга каратылган аракеттерди улантышы о.э. универсалдык күчкө айлануу үчүн Европа Союзунун эл аралык майдандагы ордун бекемдеши күтүлөт...». (2021-жыл, 22-сентябрь).

6 – Америка Британия менен биргеликте аракет кылып, Австралия менен түзгөн союздун мааниси жана көлөмү мына ушундай. Бул союз бир

тараптан Кытайды курчоого алуу жүзүктөрүнүн бири болгон болсо да, башка тараптан, суу астында жүргөн кемелерди сатып алуу боюнча Франция-Австралия келишимин бекер кылуу жана аны бул союзга кошпоо – Францияны жаакка тартуу болду. Бул союз Кытайды курчап турган деңиздердеги абалды дагы да көбүрөөк аскерийлештирүүгө жана кризиске жетелейт о.э. Кытайдын өсүп келе жаткан таасирин токтотууда Вашингтон үчүн өтө маанилүү каражат катары кызмат кылат. Жетик саясат алып бара албаган Францияга келсек, ал Америка жана Британиянын муштарынан бетин да коргой албай турган даражада алсыз. Т.а. Европа Союзундагы мамлекеттердин баары мына ушундай өтө алсыз абалда. Франция төрт тарапка жар салып, НАТОдон өзүнчө көз карандысыз күч катары түзүүгө чакырып жаткан Европа күчтөрүнүн көлөмү да өтө аз (беш миң кишини түзөт). Бул айрыкча Британия Европа Союзунан чыгып кеткенден кийин Европанын эл аралык жөндөмдүүлүгү өтө чектелгенин көрсөтүүдө.

7 – Ошентип, бүгүнкү күндө ири деп аталып жаткан бул мамлекеттердин анык бир кыйматы жок.

﴿بَأْسُهُمْ بَيْنَهُمْ شَدِيدٌ تَحْسَبُهُمْ جَمِيعاً وَقُلُوبُهُمْ شَتَّى ذَلِكَ بِأَنَّهُمْ قَوْمٌ لَا يَعْقِلُونَ﴾

«Алар өз араларында кубаттуу, аларды биримдиктүү деп эсептейсиң, (бирок) жүрөктөрү ар түрдүү. Буга себеп, алардын акылсыз коом экендиктери» [59:14]

Бул мамлекеттерди ичинен курт кемирип бүткөн, ал тургай, алардын өз ара мамилелерин да кемирип жатат. Бул жакшылыктын кабарчысы о.э. Аллах Таала Өз дини үстөм болушун жеңилдетүү үчүн койгон сүннөттөрүнүн бири болсо ажеб эмес. Биринчи Ислам мамлекети тикеленгенде Фарс жана Рум мамлекеттеринин абалы да, алардын мамилелери да мына ушундай көрүнүштө т.а. муунтуп өлтүрүү жана ачык душмандык абалында болгон.

«Качан Аллах кандайдыр бир коомго балээ жиберүүнү каалаcа, анда, аны кайтарууга болбойт. Жана алар үчүн Андан башка аким жок» [13:11]

**18-сафар, 1443-х.**

**25-сентябрь, 2021-м.**

## Американын карыздар ченин көтөрүүсү

**Суроо:** *Азыр бюджет туурасында жана Обама жетекчилиги катуу талап кылып жаткан карыздар потологун көтөрүү туурасында Кошмо Штаттарда Обама жетекчилиги жана демократтар партиясы менен республикачылар партиясы ортосунда кызуу күрөш жүрүүдө. Бюджет тастыкталбай бул кризис күчүнө чыкты. Мунун акыбетинде федералдык бийликтин кызматкерлеринин жүз миңдегени маяна төлөнбөй турган мажбурдуу эс алууга чыгып жумушсуз калды…*

*Суроо мындай, капиталисттик демократиялык мамлекеттердин жетекчиси Америкада бул нерсе кантип жүз берди? Калкка адилеттик кылат деп айтып жатышкан бул демократия өз иштеринде эч бир айып кылбаган же кемчиликке жол бербеген кызматкерлердин маяналарын кантип бербей коёт? Кала берсе, бийлик карыздарды көтөрүүнү эмес, төмөндөтүүнү катуу талап кылуунун ордуна эмнеге карыз потологун көтөрүүнү катуу талап кылып жатат?*

*Муну түшүнүктүү кылып түшүндүрүп беришиңизди суранабыз. Аллах сизди жакшылык менен сыйласын!*

**Жооп:** Сиздин суроолоруңуз ушул жагдайларды пикирлөө менен түшүнүүгө жеңил болот:

Биринчи: Америка бюджети:

Америка бюджети тастыкталышы үчүн конгресстин эки палатасы: демократтар көпчүлүк орунду ээлеген сенат менен республикачылар көпчүлүк орунду ээлеген өкүлдөр палатасынын ыраазылыгын алуу керек. 2013-жылы 30-сентябрга чейин алардын ортосунда сүйлөшүүлөр болуп, бюджеттин тексттери жана сунуштары өз ара алмашып турушту. Ошого карабастан, Америка конгресси тастыктоо убагы болгон 2013-жылы 1-

октябрга чейин белгиленген бюджетти тастыктай албады. Бул дата жаңы финансы жылынын башталышы болуп эсептелет.

Экинчи: карыз потологун көтөрүү темасы:

Америка тышкы карыздары федералдык бийликтин карызынан турат т.а. Кошмо Штаттардын сыртындагы тараптардын мүлкү болушу кепилденген кымбат баалуу кагаздардан о.э. Америка финансы министрилиги чыгарган жана Кошмо Штаттар ичиндеги тараптардын мүлкү болушу кепилденген кымбат баалуу кагаздардан турат.

Америка конгресси карыз потологун белгилейт, федерал бийлик бул потолоктон өтүшү мүмкүн эмес. Азыркы учурда ал 16,7 триллион доллар. Бийлик андан 2013-жылы 17-октябрда өтүшү же ушуга жакындашышы күтүлүүдө. Ошондуктан, федерал бийлик ушул мөөнөт жаатында конгресстин токтомун демин ичине тартып күтүп турат.

Үчүнчү: жүз берген кризис жана анын себептери:

1 – Обама өзүнүн аты менен «Обамакер» деп аталган саламаттыкты сактоо долбоорун сунуш кылды. Бул долбоор аз кирешеге ээ 46 миллион америкалык үчүн милдеттүү медициналык камсыздандырууну киргизүүнү камтыйт. Ошондо камсыздандыруу кызматынан пайдалана албай жаткан ушул жарандар саламаттыкты сактоо камсыздоосуна ээ болушат. Бул долбоор күчкө кириши үчүн 2013-жылы 1-октябрда баштала турган 2013-2014-жылкы бюджетте ушул долбоор үчүн зарыл каражаттар бөлүнүшү тастыкталышы керек. Бирок, республикачылар бул долбоордон максат демократтар партиясынын шайлоо алдындагы рейтингин көтөрүү жана коомчулуктун ишенимине ээ болуу экенин түшүнүп турушат. Айрыкча, конгресс шайлоолору 2014-жылы ноябрда болуп өтүшү жана Обаманын саламаттыкка тиешелүү бул планы дебат темасы болушу күтүлүп жатканы үчүн бул долбоордон максат ушул экенин республикачылар жакшы түшүнүп турушат. Ошондутан, республикачылар Обама долбооруна бюджеттен каражат бөлүнүшүн четке кагышты жана аны кечиктирүүнү талап кылышты,

эгер ал талкууга коюлуп, ага өзгөртүү киргизилсе гана ага ыраазылык бере турган болушту. Т.а. бул долбоор бир гана Обаманын ойу менен чыкпай, ага республикачылар партиясынын пикири да киргизилгенден кийин гана республикачылар ага ыраазылык бере турган болушту. Мындан максат Обаманын демократтар партиясынын пайдасына келерки шайлоо үчүн ар кандай добушка ээ болушуна жол бербөө. Республикачылар партиясы өкүлдөр палатасында көпчүлүк орундарды ээлешкени үчүн, демек, алар бул мыйзамдын чыгышын кечиктире алышат.

Бул эки партия үчүн негизги маселе адамдарга кызмат кылуу эмес, тескерисинче, келерки шайлоодо эң көп добушка ээ болуу үчүн саясий упайга ээ болуу. Ошондуктан, ар эки партия өзүнүн позициясында – ал тургай, адамдарга зыян болсо да – бекем туруп алды. Себеби, Обама бул долбоор тастыкталышын каалап жаткан болсо, республикачылар аны артка сүрүп аны талкуулоону, Обама белгилеген түстө эмес, республикачылар белгилеген түрдө чыгышын каалашууда… Ошентип, тастыктоо убагы октябрь айынын биринчи сааттарына чейин белгиленген бюджетти конгресс тастыктай албаган соң, бул кризис дагы да күчөдү. Ошондуктан, эки партия ортосундагы тартышуу азыр да токтободу.

2 – Республикачылар партиясы 2013-жылы 30-сентябрда 2014-жылкы бюджет мыйзамын тастыктоону четке каккандыктан «федералдык бийликтин иш-аракетин токтотуп туруу механизми» ишке түштү. Мунун акыбетинде 800 миңден ашуун мамлекеттик кызматкерлер иш акысы төлөнбөй турган мажбурдуу эс алууга чыгышты. Бардык мамлекеттик мекемелер өз кызматкерлеринин санын кыскартышы жана алардын чоң бөлүгүн иштен бошотушу да күтүлүүдө. Президент Билл Клинтон доорунда да ушундай абал жүз берип бийликтин иш-аракети 1996-жылы декабрдан 1997-жылдын январына чейин 21 күн токтоп калган. Ошондо мамлекет 2 миллиард долларга жакын зыян көргөн болчу.

3 – Бул, кризистин бир бөлүгүнөн көрө кризистин башталышы. Кирип келе жаткан кризис бийликтин карыз потологун конгрессте талкуулоо белгиленген убакытка көтөрүүнү талап кылып жатканында көрүнөт. Анын убагы 2013-жылдын 17-октябрда болушу керек. Себеби, бийлик карыз алууда жол берилген потолоктон т.а. 16,7 триллион доллардан эбак эле өтүп кетти. Ал, конгресс белгилеген жана бийликке андан көп карыз албоо милдетин жүктөгөн потолок. Бирок, бийлик 2013-жылы 17-октябрда дефолт алдында болуп калат, себеби, анын казынасында ыктымал прогноздорго ылайык 30 миллиарддан башка каражат калбайт. Мына ошондон кийин мамлекет өзүнүн финансылык төлөө милдетин аткара албай калат.

4 – Эки партия бири-бирине айыптоолорду жаадыра баштады. Айрыкча, эки партиянын проблемалары себептүү адамдар туңгуюк абалга түшүп калганы көрүнүп турат. Ар эки партия жоопкердикти бири-бирине артууга уруна баштады. Мисалы, Обама республикачылар партиясын себепчи деп айыптап, бул партия өзүнүн кызыкчылыктарына жетүү үчүн мамлекетти күрөө кылып алганын айтты. Ал 2013-жылы 8-октябрь күнү Ак үйдө өткөрүлгөн басма сөз конференциясында мындай деди: «Конгресс мүчөлөрүнүн, айрыкча, өкүлдөр палатасындагы республикачылар кылып жаткан иштери акысына төлөм талап кылууга акысы жок, алардын эки вазыйпасы бар, ал да болсо бюджетти тастыктоо жана Кошмо Штаттар өз карыздарын төлөшүн камсыздоо».

Өкүлдөр палатасынын республикачы спикери болсо «конгресс карыз потологун көтөрүшүнө жол бербешин, эгер Обама өзүнүн аты менен аталган саламаттыкты сактоо программасында жан берүүлөргө көнсө жана талкууларга ыраазы болсо, ошондо ага ыраазылык беришин» айтты. «Себеби – деди ал – кошумча карыз алууга бизди мажбур кылып жаткан факторлорду үйрөнүп чыкпай туруп карыз потологун көтөр албайбыз».

5 – Эки партиянын тартышуусунан анык көрүнүп тургандай, экөөсү тең карыз потологун көтөрүүнү каалайт, бирок, республикачылар партиясы

буга ыраазылык берүүнү салматтыкты сактоо мыйзамына өзгөртүү киргизилишине байланыштуу кылып коюуда, себеби, ошондо бул мыйзамда республикачылар белгилеген түс болот… Бирок, токтолуп өтүү керек болгон нерсе ушул, мамлекеттер өз карыздарын дагы да көбөйтүү үчүн эмес, азайтуу үчүн экономикалык жана финансылык абалдарын тартипке салган тариздe башкарышы мамлекеттердин нормалдуу абалы болуп эсептелет. Бирок, Америка бүтүндөй карызга батып кетишине көңүл бурбаган бирден-бир мамлекет. Себеби, ал каалаганча кагаздарды басып чыгара берет жана өз карыздарын ылайык шарттарда ушул кагаздар менен төлөнүшүн камсыздайт. Ал тургай, эгер өзүнүн финансылык абалы себептүү буга кудуреттүү болбой калганда да, эгер Америка өзү үчүн бир зор кызыкчылык бар деп билсе, башка мамлекеттер сыяктуу өзүнүн казыналарындагы туруктуу валюталар менен чектелбей кошумча долларларды басып чыгарышы мүмкүн. Айрыкча, анын акчасы башка мамлекеттердин запастарына өз өкүмүн чоң чоң даражада өткөрүп жаткан соң, демек, Америка Эл аралык Валюта Фондунун ыраазылыгы менен жашыруун түрдө же ал тургай бул фонддун ыраазылыгын алып отурбастан ачык-ашкере кошумча долларларды басып чыгара берет. Себеби, Америка бул Валюта Фондуна өз таасирин өткөрө алат, иш акыйкатын жашырып, жасалма себептерди шылтоо кылышы да мүмкүн, Валюта Фонду болсо мында аны колдоп-кубаттайт! Ал тургай, бул кагаздарды басып чыгаруу акыбетинде доллар баасы төмөндөп кетсе да же бааларда инфляция болсо да, эгер Америка бул иште өзү үчүн кызыкчылык бар деп билсе, кошумча долларларды басып чыгара берет. Мисалы, маалымат агенттиктеринин кабар таратышынча, Америка 2008-жылы бир баррель нефтинин баасы болжол менен 150 долларга көтөрүлүп кетишине себеп болгон нефть чайкоочулары доорунда 2 триллион менен 4 триллион ортосунда доллар басып чыгарган. Америка ошол чайкоочулуктан алыс болбоду. Себеби, Америка өзүнүн нефть запасына кошумча нефтинин чоң көлөмүн түздөн-түз жана кыйыр түрдө сатып алуу үчүн мына ушул

кагаздарды басып чыгарды. Анткени, Америка мында өзү үчүн баалар көтөрүлүшүн жана доллар төмөндөшүн басып кете турган пайда бар деп билди…

Ошондуктан, Америка федералдык бийлигиндеги карыз потологу тынымсыз көтөрүлө берет. Себеби, мисалы, бийликтин (борбордук бийлик жана жергиликтүү бийликтердин) карыздары 1990-жылы 4,3 триллион доллардан 2003-жылы 8,4 триллион долларга, 2007-жылы болсо 8,9 триллион долларга көтөрүлдү. 2009-жылы Обаманын президенттик доору башталганда карыз 10,3 триллион доллар болду, 2011-жылы карыз 14 триллион долларлык чектен ашып кетти. Азыр болсо карыз 16,7 триллион доллардан ашып кетүүдө. Эгер, башка бирер мамлекет бул карыздардын бир азына эле батып кеткенде, ал албетте кулап, экономикасы жок болуп кетмек! Бирок, Америка карызга көңүл бурбайт, себеби, бул нерсе анын ички маселеси. Ошондуктан, конгресс карыз потологун качан каалаcard, ошончо көтөрө берет жана Америка экономикасы аракеттене берет, өз экономикасынын кубаты менен – эгер бул кубат болсо – карыздарды төлөй берет, кубат болбосо башка мамлекеттер сыяктуу чектеп отурбайт, кагаздарды басып чыгарат. Америка долларына кыпындай да көңүл бурбаган мамлекет пайда болсо, Америка экономикасы кулайт. Бул мамлекет Америка менен товарга товар алмаштыруу менен бартер негизинде же акча айырбаштоодо алтын жана күмүш эрежесине кайтуу менен мамиле кылат.

6 – Ошентип, капитализм демократия лагеринин лидери Америка капиталисттик демократиялык түзүм кыйраганын, бул түзүм адамдардын, орто тайпанын мойнуна минип алган капиталисттик топтун зомбулугунан башка нерсе эместигин далилдеп турат. Мисалы, Обама медициналык камсыздандыруу боюнча миллиондогон адамдарга жардам берүү деген шылтоо менен «Обамакер» долбоорун өзүнүн маселеси кылып алды. Бирок, ал мунун тушунда жүз миңдеген адамдарды жумушсуз калтырып, акы төлөнбөй турган отпускка чыгууга мажбур кылды! Бул болсо, демократтар

партиясы бул мыйзам менен адамдарга кызмат кылууга эмес, тескерисинче, шайлоолордогу карөзгөй кызыкчылыктарына жетишүүгө умтулуп жатканын түшүндүрөт. Андай болбосо, адамдарга кызмат кылуу артынан аларды – алар тарабынан эч бир кемчилик болбосо да – кантип иштен куру калтыруу мүмкүн? Республикачылар партиясынын аракети да саламаттыкты камсыздандыруу же камсыздандырбоо эмес. Тескерисинче, анын ойу бул долбоор өзүнүн атаандашына гана тандык болуп калбашы, ага өзү да шерик болушу… Ошондуктан, бул эки партияны адамдардын ден соолугу кызыктырбайт. Ушул себептен улам, бул долбоор эки партияга тең таандык болушу үчүн аны сүйлөшүү алып барып талкуулагандан кийин гана тастыкталат. Демек, мында бүткүл этибар анын мазмунуна эмес, анын шайлоодо канчалык пайда беришине, ал тургай, адамдардын бактысыз болушуна жана кыйналышына алып келсе да, ушундай пайдага каратылып жатат! О.э. бул долбоордо ири компанияларга өз кызматкерлеринин ден соолугун камсыздандыруу милдетин жүктөй турган бир берене бар. Бул долбоор ээси Обама июлда бул беренени бир жылга кечиктирип туруу каалоосун билдирди. Мына ушул компанияларды жана алардын колдоп-кубаттоочусу республикачылар партиясын ыраазы кылуу үчүн ушул каалоону билдирди. Обама республикачылар партиясы ошондо өзүнүн долбооруна ыраазылык берет деген ойдо ушундай кылды… Мындан анык көрүнүп тургандай, эки партия тең адамдар иштерин камкордук менен башкаруу үчүн, алардын ден соолугу үчүн кайгырып жаткан жок, тескерисинче, өздөрүнүн шайлоо рейтинги жөнүндө кайгырып жатат. Булардын баарынан алардын капитализми – капиталист өзүнүн капиталын дагы да көбөйтүү үчүн элдин канын сорушу, алардын демократиясы болсо – калкка кызмат кылуу эмес, тескерисинче, калк эч кандай иш акы албай демократиянын «ири» ишмерлерине кызмат кылышы экендиги даана көрүнүп турат!

7 – Сөзүбүздүн аягында биз мусулмандардан болгонубуз үчүн жана Аллах Субханаху бизди Хаким, Хабир Зат тарабынан жиберилген түзүмгө хидаят кылганы үчүн Аллахка мактоолор айтабыз… Бул түзүмдө халифа жаран ачка болсо ач болот, ток болсо ток болот. Жарак тынч болсо гана ал өзүн тынч сезет… Бул ушундай бир түзүм, ал ар бир жаран адамдын үй-жай, азык-оокат, кийимге болгон негизги муктаждыктарын толук камсыздайт. Ким эмгек кылууга кудуреттү болсо аны жумуш менен камсыздайт, кудуреттүү болбогон жана жакындары жок кишини нафака менен камсыздайт. Мындай кишини халифа өз карамагына алып, жакшы нафака менен камсыздалышын кепилдейт… Бул ушундай бир түзүм, ал адамдардын тынч, бейпил жашоосу үчүн жалпы мүлктү аларга төрөлүшүнөн баштап эле бөлүштүрөт. Бул ушундай бир түзүм, ал махлуктардын абалын оңдой турган жакшы, адилеттүү экономикалык турмушту жүзөгө чыгарат. Анткени, Халик Жалла ва Ала адамдарды эмне оңдошун билүүчүрөөк.

***«****(Акыры)* ***жараткан Зат*** *(Өзү жоктон бар кылган нерселерди)* ***билбейби?! Ал мээримдүү жана*** *(ар нерседен)* ***кабардар Зат»*** [67:14]

Биз Аллах Субханахудан рошид Халифалыкты кайра тикелөө үчүн жардам жана тавфик сурап калабыз. Натыйжада, жакшылык Ислам диярларын эле эмес, тынчтык жана бейпилдикти жакшы көргөн ар бир акыл жүргүзгөн кишини да камтып алат… Валхамду лиллахи Роббил аламин.

**6-зул-хижжа, 1434-х.**

**11-октябрь, 2013-м.**

## АКШдагы пайыздык ставканын көтөрүлүшүнүн артында эмне турат?

**Суроо:** *2017-жылы 15-мартта АКШ Федералдык резервдик системасынын жетекчиси Жанет Йеллен Федералдык резервдик системанын ачык базар боюнча комитети файыздык (риба) ставка даражасын бир күндө чейрек файызга көтөргөнүн маалым кылды. Бул, үч ай*

*ичинде файыздык ставканын көтөрүлүшүнүн экинчиси. О.э. ушул жылда файыздык ставка дагы эки жолу көтөрүлүшүнө ишара кылынган... Белгилүү болгондой, файыздык ставканын көтөрүлүшү экономика тикеленип жатканын түшүндүрөт. Негизи, АКШ экономикасы дале кризистерден жабыр тартып келет. Муну кандай түшүндүрүү мүмкүн? Сизге ыраазылык билдиремин.*

**Жооп:** 2008-жылдагы финансылык кризис маалында Америкада файыздык ставка дээрлик нөлгө түшүрүлгөн жана жети жыл ичинде т.а. 2015-жылдын декабрь айына чейин мына ушундай абалда сакталып турган. Ошол кезде да Йеллен 2016-жылда файыздык ставка бир нече ирет көтөрүлүшүнө ишара кылган. Бирок, файыздык ставканы көтөрүү ийгиликсиздикке учураган жана жылдын аягында гана файыздык ставка көтөрүлгөн. Файыздык ставканын көтөрүлүшүнүн же төмөндөтүлүшүнүн себебтерин түшүнүү үчүн ушуларды айтабыз:

1 – Файыздык ставканын белгиленишинен максад – бул иш АКШ казына облигацияларын сатуу жана сатып алуу токтомдору аркылуу жүзөгө чыгарылат – акча саясатын белгилөө, өзгөчө АКШ базарындагы накталай акчанын жетиштүү деңгээлин билүү. Бул нерсе эки негизги себебке ылайык зарыл:

- Базарда накталай акчанын таңсыктыгы – эгер файыздык ставка жогору болсо – экономикалык өсүүнү басаңдатат жана файыздык ставка жогору болгондуктан адамдардын банктан карыз алуу талабы болбогонунан улам мындай абал жаралат.

- Базарда накталай акчанын көбөйүшү – эгер, файыздык ставка төмөн болсо – инфляцияга алып келет. Анткени, файыздык ставка төмөн болгондуктан адамдардын банктан карыз алуу талабы көбөйөт жана бул болсо базарда накталай акчанын көбөйүшүнө себеб болот.

2 – Йеллен 2015-жылдан бери файыздык ставканын көтөрүлүшү шарт экенин айтып келет. Ага ылайык, Америкада кыйла мурун башталган

экономикалык сенектик акырына жетип экономикалык өсүү жакшыланган жана файыздык ставканы инфляция башталгандан кийин көтөрүүдөн көрө аны азыр көтөрүү афзел. Бул – Йеллендин файыздык ставка деңгээлин көтөрүү туурасындагы философиясы...

3 – Бул далил канааттандырарлык эмес. Анткени, АКШ экономикасы дале чабал. Американын, кала берсе Батыштын акча саясаты саясатчылардын чечимдерине байланыштуу жана болушу божомол кылынгандай туура экономикалык факторлорго негизделген эмес. О.э. АКШ Федералдык резервдик системасынын чечимдери да бийликтин саясатынан көз карандысыз эмес. Лекин, файыздык ставкаларга алакадар чечимдер өзүнчө бир саясат экендиги, анын саясий жана экономикалык талабдарга ылайык жөнгө салынышы чындык. АКШ Федералдык резервдик системасынын жети көзөмөлчүсү төрт жыл мөөнөткө сенаттын макулдугу менен АКШ президенти тарабынан дайындалат. О.э. жетекчи жана анын орун басары да көзөмөлчүлөрдүн кеңеши арасынан дайындалат. Аны да президент төрт жыл мөөнөткө дайындайт. Алар АКШ президентинин каалоосуна ылайык ыйгарым укуктуу мөөнөтүндө бир нече жолу кайра дайындалышы да мүмкүн.

4 – Амалий тараптан алганда АКШ акча саясатынын чечимдерине эки саясий фактор таасир кылат. Бул факторлордун биринчиси жергиликтүү, экинчиси эл аралык:

- Жергиликтүү жаатта, америкалык жетекчилер президенттик шайлоо маалында Америка экономикасын күч менен өнүктүрүүнү каалайт. Анткени, күчтүү экономика президенттин кайра шайланышына же анын партиясынын талапкери шайланышына таяныч болот.

- Эл аралык жаатка келсек, Америка башка мамлекеттердин экономикасына каршы катуу атаандаштык алып барат. Ушул тапта дүйнө экономикасы 2008-жылдагы дүйнөлүк экономикалык сенектик себебтүү дагы эле чабал бойдон калууда. Европа жана Японияда файыздык ставкалар нөл

тегерегинде болуп калды. Кошмо Штаттарда файыздык ставкалардын көтөрүлүшү үлкөн байлыктардын Америкага агып киришине алып келет. Мунун таасири башка мамлекеттердин экономикасына кырсыктуу болушу да мүмкүн.

5 – Учурда Кошмо Штаттарда файыздык ставканын көтөрүлүшү башка мамлекеттердин экономикасына – өткөн жылдагыдай болбосо да – оор зыян жеткирет. «Нью-Йорк Таймс» гезити 2017-жылы 9-мартта Европа жөнүндө ушул нерселерди басып чыкты: «Файыздык ставкалардын расмий түрдө көтөрүлүшү көп жылдарга чейин созулушу мүмкүн. Европа борбордук банкы файыздык ставкалардын көрсөткүчүн өзгөрүүсүз калтырды жана жылдын акырына чейин – кийинки апрель айына караганда төмөн деңгээлде болсо да – мамлекеттик облигацияларды жана компаниялардын облигацияларын сатып алуу үчүн кызыктыруу чараларын улантышын айтты.

6 – Кытай Америка файыздык ставкаларды көтөрүүдөн Европага кысым өткөрүүнү жана капиталды өзүнө тартууну көздөп жатканын түшүнүп жетти. Ушул себебтен улам, Кытай капиталы Кошмо Штаттарда жогорулаган пайда артынан Америкага чыгып кетишинин алдын алууда о.э. Европа капиталын тартууда Америкага шерик болуу үчүн Америка файыздык ставкаларды көтөргөндө Кытай да көтөрдү. Ошентип, файыздык ставкалардын көтөрүлүшү туурасында Американын токтому чыгары менен Кытай да файыздык ставкаларды көтөрүшүн жарыялады. Блумберг сайты 2017-жылы 16-мартта «Кытай элдик банкы Федералдык банк менен бир убакта кредиттик ставкаларды көтөрдү» деген аталышта макала басып чыкты. Кытай борбордук банкы кредиттик ставкаларды көтөрүшүнүн себеби ушул: туруктуу экономика жана ишканалардын жандануусу саясатты күчөтүүдө Федералдык резервдик системанын изинен баруу мүмкүнчүлүгүн берет.

7 – Корутундулап айтсак, Америкада файыздык ставкалар АКШ экономикасы тикеленгени үчүн көтөрүлбөдү, тескерисинче Европадан

капиталдарды өзүнө тартуу о.э. алардын өлкөсүндөгү чоң пайдага жетишүү үчүн көтөрүлдү. Анткени, Европада файыздык ставка нөл тегерегинде. Бул жерде экономикалык максат гана көздөлгөн эмес, ага кошумчалай Европаны күчсүздөнтүүгө салым кошуу аракети да болуп жатат. Анткени, Европанын күчсүздүгү анын ыдырашына алып бара турган кризистерге себеб болот.

**29-жумадус-саний, 1438-х.**

**28-март, 2017-м.**

### АКШ долларынын дүйнөлүк экономикага көзөмөл кылуусунда "артка эсептөө" доору тууралуу суроого жооп

**Суроо:** *Кээ бир өлкөлөрдүн айрыкча Орусия, Кытай, ЕБ сыяктуу ири өлкөлөрдүн доллардын оордун баса турган башка валюта чыгарууга болгон аракети көзгө көрүнө баштады. Ал тургай кээ бир эл аралык келишимдерде жергиликтүү акча бирдиги менен мамиле кылуу келишимдери да ишке аша баштады. Мисалы: 2018.10.31 Орусиянын S 400 ракетасын Индияга сатуу келишиминде Орусиянын акча бирдиги менен болуусу шарттальнды. Ошондой эле бир ай мурда Түркия менен да ушуга эле окшош ракеталардын баасын төлөөдө эки өлкөнүн акча бирдиги менен болуусу шартталынды. Муну Эрдоган Түрк тилдүү өлкөлөрдүн саммитти учурунда айтып өттү.... Кытай Ирандан импорт кылган мунайдын баасын "Petrooyuan" менен төлөөсүн билдирди. Жана дагы Кытайдын борбордук банкы шериктеши Жапония менен 200 миллиард юан (29 миллиард доллар) 3,4 трилион Жапония йенине барабар (31 миллиард доллар) эки тараптуу келишимге кол койду. Ошондуктан доллардын дүйнө экономикасына көзөмөл кылуу доорунун "артка эсептөө" мезгили башталдыбы?*

**Жооп:**

Жооп ачык айкын болушу үчүн доллардын дүйнө экономикасында ээлеген позициясынын вакыйын ачыктап өтүү зарыл:

Биринчиден: доллардын ээлеген позициясы 1944 жылы "Bretton Woods" келишими аркылуу пайда болду. Америка бул келишим алкагында экинчи дүйнөлүк согушта зыян тартпаган тарап катары өз басымын өткөрө алды... Мына ушундайча өнөржайы өнүккөн он өлкө жергиликтүү акча бирдиктеринин курсун долларга сүйөнүү аркылуу белгилей турушкан болушту. Ошондой эле Америка бир унция алтын 35 долларга барабар болуусуна макул болду. Андан кийин доллар башка өлкөлөрдүн борбордук банктарында алтын менен камсыздалган туруктуу акча бирдиги катары айлана баштады. Ал убакта Американын алтын резервдик кору дүйнөлүк запастын үчтөн экисин түзгөн. Дүйнөнүн башка өлкөлөрү калган үчүнчү бөлүгүнө ээлик кылышкан... Бирок тышкы чыгымыдардын төлөмдөрүнүн көп болуусуна байланыштуу АКШнын алтын этиятык запасы алсыздай түшүүсүнө алып барды. 1961-1970 жылдар аралыгында 5 миллиард долларга азайган. Алтындын этиятык запасын сактап калуу максатында Америка мамбашы Никсон 1971-жылы долларды алтынга алмаштырууну токтотуу чечимин чыгарган. Муну менен доллардын алтынга байлануусу аягына чыкты...

Ушундан кийин бул жаңы акча системасы аркылуу Никсондун админстрациясы чынжырланган келишимдер аркылуу Саудия мамлекети менен 1972 -1974 жылдар аралыгында мамиле кылды. Анын натыйжасында “нефтедоллар” түшүнүгү пайда болду. Анткени дүйнөдө ири мунай өндүрүүчү болгон Саудиянын мунайы доллар менен бааланган, мунайга муктаж башка эл аралык өлкөлөр мунайды доллар мен сатып алууга муктаж болушту. Ошондуктан бул нерсе алардын бул жаңыча акча системасы менен алака кылууларына негизги себептерден болуп калды. Ошондой эле Саудия мунайдан түшкөн миллиардаган доллар кирешелерин Американын курал өндүрүшү, инфраструктуралары жана АКШнын казына облигацияларын сатып алуу аркылуу кайрадан айланып турушуна маакулдук берди. 1977-жылдын кирип келиши менен жалпы казына облигацияларынын 20%ы

Саудия колунда болду... Эгер баасы доллар менен эсептелип жаткан алтынды мунайга кошуп карай турган болсо. Эл аралык мамлекеттер долларга ээлик кылууга умтула турган болуп калышты. 2000-жылга чейин дүйнөлүк борбордук банктын этиятык акча резерви доллар менен 71%га жетти. Бул жылдан кийин 62%га түштү. Ошондой эле дүйнөлүк карыздардын 40%ы доллар менен белгиленген.

Экинчиден: Бүгүнкү күндө Америка доллары дүйнөлүк мамилеге көзөмөл кылат. Бул кырдаал Америка доллары үчүн ири жасалма базарды жаратып берет. Мына ушул нерсе баардык жергиликтүү акча бирдиктеринен долларды айырмалап турган нерсе. Доллар ортомчулук алакасын аткарып берүүдө чек жок болуп азыркы учурда 5.4 трилиондон ашыгыраакка чейин жетип барды. Мунун Америка өндүрүшүнө же кызматтарына эч кандай тиешеси жок. Көңүлдү бура турган нерсе күнүмдүк чет элдик акча жүгүртүүлөрдүн 84.9%ы доллар менен жүгүртүлөт. Американын өзүнө тийиштүү өлчөмү мунун жарымынын азыраагын гана түзөт. Ошондуктан башка өлкөлөр өзүнүн соода алака иштерине доллар менен мамиле кылаарын көргөзүп турат. Доллардын экономикалык күчү Американы башка өлкөлөрдү экономикалык жана финансы жагынан зекип туруу кубатына ээ кылды. Ал эле эмес, Америка бутага алып зекип турган өлкөлөр менен башка өлкөлөр да алака кылуусун тосуп койо турган кубатка ээ кылды. Америка мындай ырайымсыз жол-жобосун (SWIFT) (банктар ортосундагы дүйнөлүк телекоммуникациялык байланыш) аркылуу ишке ашырат. Бул система доллардын жүгүрүүсүн жөнгө салып турган система. Доллар дүйнөлүк резервдик акча бирдиги болгондуктан (SWIFT) системасы эл аралык доллар системасынынын айланып турушун жеңилдетип турат. Дүйнөнүн булуң бурчундагы баардык өлкөлөр бул система аркылуу алакаларын жөнгө салып турат. Эки тараптуу алкалар долларга сүйөнүү негизинде кылынуусун кепилдөө үчүн иш алып барат. Мисал катары, Орусия менен Кытай товар жана кызматтарды алмашууда (SWIFT) системасы аркылуу доллар менен

жөнгө салынмайынча жергиликтүү акча бирдиги менен алкака кыла алышпайт. Америка (SWIFT) системасы аркылуу ырайымсыз экономикалык жаза колдонуп койушу толук ыктымал... Ушул системага таянуу менен Америка 2014 -2015-жылдары эки өлкөнүн оротосундагы алака солгундашы менен Орусиянын бир нече банктарын (SWIFT) ден тосуп койду. 2018-жылы ноябрда Америка (SWIFT)ди колдонуу аркылуу Иранга карата ырайымсыз экономикиалык санкцияларды киргизди. Анын натыйжасында көптөгөн Европа компаниялары Америкадан коопсураганы үчүн Иран менен түзгөн келишимдерин аткаруудан баш тартышты...

Жогоруда айтып кеткенибиздей доллар дүйнөлүк резервдик акча бирдиги болуп саналат. (өткөн жылдын аягында 146 дүйнөлүк борбордук банктардын резервинде доллар 64% түздү. Экинчи оорунда евро 20% менен. Жапон йени жана фунт стерлинг 5%ды түздү. Ал эми Кытайдын юаны бул банктарда болгону 108 миллиард тактап айтканда 1%га жетпеген пайызды түздү. (www.alquds.co.uk) 2018.08.19

Үчүнчүдөн: Доллардын таасирин азайтуу максатында дүйнөдө салмакка ээ мамлекеттер эки багытта кетишти. Европа багыты - долларга каршы ат салышуу максатында 1999-жылы евро жүзөгө келди. Анын толук айлана башташы 2002-жылдан башталды. Бул багыт долларга каршы ат салышууга кудуретүүбүз деп өздөрүнө ишенген экономикалык жактан кудуреттүү болгон Европа мамлекеттери тарабынан ишке салынган. Ал эми Орусия Кытай сыяктуу экинчи багыттагы мамлкеттер болсо ошол маалда (евро пайда болгон маалда) долларга каршы ат салышууга кудуретсиз болушкандыктан алардын аракетти кечигип калды. 2008-жылкы финансы кризисинен улам алардын резервиндеги долларлар күйүп кетишинен коопсурап калышты. Анын натыйжасында доллар кожоюндугуна чек койу максатында алар дагы эски Европалыктардын аракетине кошулушту.

Мына ушундайча 2008-жылкы экономикалык кризис дүйнө өлкөлөрүнө доллар темасы тууралуу коңгуроо кагып аларды доллардын таасиринен

кутулуу тууралуу пикирлөөгө түртү. Бирок муну дагы да тездетип жаткан нерсе бул Трамптын чагымчылдыгы жана анын санкциялары болду. Трамп администрациясы кабыл алган жаңы саясат дүйнөдөгү башка ири өлкөлөрдү доллар кожоюндугуна чек коюу аракеттерин дагы да күчөттү. Трамптын “Америка биринчи” деген саясий урааны - ансыз деле баардык Америка администрациялары Америка кызыкчылыгы үчүн иштеп келген. Бирок Трапмтын администрациясы башка өлкөлөрдүн кызыкчылыгын теңине албоону өзүнө жол тутуп алды. Трамп Европа өлкөлөрүнөн аларды Америка аскерий жактан коргоп келгендиги үчүн арткы эсеп менен акы төлөөсүн талап кылды. Кытай менен соода согушун тутандырды. Жапония менен Түштүк Кореядан аларды Түндүк Кореянын ракетасынан коргоп жаткандыгы үчүн акы төлөөлөрүн талап кылды. Трамп Иранга каршы санкция киргизгенде аны баардык доллар колдонуучуларды да өз ичине ала турган кылып койду. Башкача айтканда ким доллар колдонсо ал Ирандан мунай сатып ала албагандай кылып койду. Анткени Кытай дүйнөдөгү ири мунай импорт кылуучу болуп саналат. Трамптын мындай аракети Кытайды доллар колдонуусун токтотууга карай козгоду. Айрыкча ал Америка менен соодо согушуна сүңгүп кирген учурда ушундай болду. Ошондуктан 2018-жылдын мартында Шанхай келечек келишимдер биржасы биринчи келечек келишимдерин чет элдик инвесторлорго карата эшигин ачты. Бул келишим келечек мунайы үчүн тактап айтканда азыркы учурдагы WTI стандарты жана баасы доллар менен белгиленген брент мунайга карата каршы ат салышуу үчүн, баасы юан менен белгиленген мунай келишими болуп саналат.

2008-жылы Америкадагы финансы кризиси жарылгандан кийин анын кесепети көптөгөн өлкөлөргө тийди. Кийин Трамптын ички өндүрүштүү коргоо саясаты, соода согушу акча жана экономика жаатында кылып жаткан саясатынын натыйжасында доллар кожоюндугунан кутулуу аракети дагы да күчөдү.

Төртүнчү: Ошондуктан Трамптын мындай аракеттери дүйнөдөгү кээ бир өлкөлөрдү айрыкча көз каранды эмес өлкөлөрдү козголууга түртү. Балким кээ бир учурларда Америка кемесинде сүзгөн мамлекеттерди да аркетке келтирген учурлар кездешип жатат. Бирок кандайдыр бир таасирге ээ болгон аракеттер, көз карандысыз өлкөлөрдүн аракеттери болуп саналат. Анткени Америка кемесинде сүзгөн өлкөлөр кээ бир учурда гана аракетке келип кайра токтоп кала берет. Себеби алар Америка кемесинде болгондуктан түздөн түз Америка менен каршылашууга бара албайт. Бул мамлекеттерге төмөндө көз чаптырып өтөбүз:

Көз карандысыз мамлекеттердин аракеттери.

А. Орусия: 2009-жылы Орусия мамбашы Медведев Лондондогу чоң сегиздик жыйналышында доллардын ордун баса турган жаңы "дүйнөлүк акча бирдигин" сунуштаган. "Баардык өз ара соода жана инвестициялык келишимдер өзүнчө акча бирдиги менен болуусуна" Кытай, Орусия Индия, Түркия жана акыркы учурларда мунай өндүрүүчү башка өлкөлөр да макул болушкан. Бирок буларга карабастан алтын жана мунайдын баасы дагы эле доллар менен белгиленип келүүдө. Орусиянын улуттук акчаны башкага алмаштыруу жана Орусия мунайын доллардан башка акча бирдиги менен болуусун кайра кайра какшап жар салып жатканынын себеби 2015-жылы Украинанын чыгышындагы Крымды Орусия басып алгандан бери Американын Орусияга каршы эконимкалык санкция киргизип жатандыгынан келип чыкты. Буга кошумча Орусиянын 2016-жылда Америкадагы шайлоолорго аралашты деген иликтөөлөр да буга кошул-ташыл болду.

Кийин Америка 2015-жылдан бери туруктуу санкцияларды киригизүүнү күчөттү. Конгресс санкцияларды акырындык менен киргизип кеңейтип барууну колдоду. 2017-жылы августта чыккан "Америкага каршы душманга санкция аркылуу каршы туруу" мыйзамы ишке салынды. Орусияга каршы күчөтүлгөн санкциялар койулду. Бул күчтүү иш-аракет Орусияга каршы каратылды. Бул иш-аракет Орусиянын ири банктарын доллар менен болгон

байланышын кесип койууга чейин алып барды. Анын натыйжасында рубль доллар каршысында 18% төмөндөдү. Мунун баары Орусиянын карызы 58% доллар менен болуп турган учурда ишке салынды. Т.а. учурда карызынын жарымынан ашыгы доллар менен. Ошондуктан Орусия карызын азайтуу үчүн долларды колдонууда кыйын абалга кептелип калды. Орусия өзүн финансы, эконимикалык жактан доллар кожоюндугунан азат болуу абалында да кыйынчылыка туш келди. Путин Дума алында мындай деди: “Биз экономикалык үстөмдүгүбүздү күчтөөбүз зарыл. Мунай биржада доллар менен сатылат ошондуктан бул оорчулуктан кандай кутулууну пикирлөөбүз зарылчылыктардан... дагы улап: Биз өткөн жылдар аралыгында дүйнөлүк соода жана экономика жаатында белгиленген принциптердин негизинде жоопкерчилик болот деген үмүт менен ишенчээктик иш алып бардык. Азыр болсо ВТОнун көптөгөн укуктарды бузуп жаткандыгына күбө болуп жатабыз. Бул жерде санкция деген саясий өңүттөгү көптөгөн чектөөлөр койулуп жатат.” (дуня ватан, 2018.05.09 ) Ммындан кийин Орусия өзү ээлик кылган 2008-жылы баасы туу чокуга чыккан 223 миллиард доларлык Американын казына облигацияларын акырындык менен азайта баштады. Өткөн жылдын аягында анын 100 миллиард долларга жакыны гана калды. Американын Орусияга каршы киргизген санкциялардын негизинде 2018-жылдын апрель-май айларында бул облигациялардын көпчүлүк бөлүгүн кыскарты. Орусия азыркы учурда бул облигациялардын 14,5 миллиардына гана ээлик кылат...

Ошону менен биргеликте эле Орусия рублду доллардын ордун баса турган кыла албайт. Анткени салмака ээ мамлекеттердин рублга ишеними өтө эле төмөн. Себеби дүйнөдөгү мамлекеттер акча базарында туруктуу эмес рублду сатып алууга кызыкдар эмес. Б.а. дүйнө мамлекеттери рублду резервдик акча катары рол ойношуна ишенишпейт. Мына ушундайча Орусиянын аракети өзүнүнөн энергия сатып алган кээ бир мамлекеттерди рубл аркылуу сатып алышына кысым кылыштан нары өтпөйт. Бирок ошого

карабастан рубль доллардын ордун баса албайт... Орусия пресс-секретары Песков "Financial Times"тын журналисттерине берген маегинде мындай деди: “чыгышта эле эмес батышта да долларга көз каранды болуудан кутулууну пикирлеп жаткан мамлекеттердин саны өсүүдө. Алар кокустан А. же Б. же Г. пландарынын бирөөсүн туура деп таап калуулары мүмкүн. Эгер эретелеп пикрилесең өзүңдү куткарып каласың. Долларды жоюу белгилүү деңгээлде мүмкүн иш. Бирок ал сен долларга байлануудан чыгууну каалооңо байланыштуу эмес. Балким андан кийин орун басар кандай болот ошого байланыштуу. Евробу? Же Йенби? Же биткойнбу?”. Орусия борбордук банкынын мурунку оорун басары Кориченко мындай деди: “бул тандоолордун ар биринин өзүнүн чыгымдары бар. Биз доллар менен бирге боло турган жана жаңы позиция менен боло турган чыгымдарды салыштырып карап чыгуубуз керек. (Financial Times, 2018 октябр) ушунун баары көргөзүп тургандай Орусия жооптуулары өзүлөрү рублдун доллардын орун басары катары болушуна күмөндө... !

Б. Кытай: Кытай өзүнүн акча бирдиги юанды дүйнөдөгү күчтүү ат салыша турган валюта кылууга мүмкүндүгү бар. Бирок анын дүйнөлүк саясий мейкиндиги (горизонту) тар. Анын дүйнөлүк саясий мейкиндигинин тардыгы дүйнөлүк экономика жаатында Америка менен ат салышууда ага таасирин тийгизет. Ошондуктан анын экономикасынын гигант болгондугуна карабастан соода алакасы жаатында өзүнүн акча бирдигин киргизүүгө кудурети жетпеди. Балким долларга таянууга гана чектелип калды. Акыркы жылдар аралыгында ири суммадагы 3-4 триллион долларды резервке топтоду. Ошондой эле, ал Американын финансы институттарынан кыйгап өтүүгө аракет кылганына карабастан Орусия, Индия, Бразилия жана түштүк Африка менен биргеликте BRIX экономикалык алкагын түздү. BRIX уюмундагылардын экономикалык көлөмү 15 триллион долларды түздү. Бул көрсөткүч 74 триллион доллар болгон бүткүл дүйнөлүк экономиканын 20% пайызын түзөт. Ошондой эле 2015-жылдын июлунда Шанхайда бүткүл

дүйнөлүк банкка альтернатива катары баштапкы капиталы 50 миллиард доллар, кийинчерек 100 миллиард долларга жете турган карыз берүүчү жана долбоорлорду колдоого ала турган банкты негиздеди. Ошону менен биргеликте эле ал доллардан баш тартпады.

Трапм Иранга каршы санкция киргизгенде аны баардык доллар колдонуучуларды да өз ичине ала турган кылып койду. Башкача айтканда ким доллар колдонсо ал Ирандан мунай сатып ала албагандай кылып койду. Анткени Кытай дүйнөдөгү ири мунай импорт кылуучу болуп саналат. Трамптын мындай аракетти Кытайды доллар колдонууну токтотууга карай козгоду. Айрыкча ал Америка менен соодо согушуна сүңгүп кирген учурда. Ошондуктан 2018-жылдын мартында Шанхай келечек келишимдер биржасы биринчи келечек келишимдерин чет элдик инвесторлорго карата эшигин ачты. Бул келишим келечек мунайы үчүн тактап айтканда азыркы учурдагы WTI стандарты жана баасы доллар менен белгиленген брент мунайга карата каршы ат салышуу үчүн баасы юан менен белгилген мунай келишими болуп саналат. Ошондуктан бул аракеттин баардыгы доллардын туруксуз болушуна алып келиши мүмкүн.

Ал эми Кытайдын доллардан биротоло кутулууга же аны туруксуз кылууга маанилүү иш жасоодон тосуп жаткан нерсе бул анын экономикасынын Америка долларына тыгыз байланып калгандыгы болуп саналат. Америка менен Кытайдын жылдык соода көлөмү 500 миллиард доллар көлөмүн чапчыйт. Ал азыркы учурда 1170 миллиард долларлык Америка казыналык облигацияларына ээлик кылат. (Saixin гезитинин сайты 2018.09.20) Бул көрсөткүч 2013-жылы 1300дөн ылдыйлаган. Ал мынча ири суммадагы облигацияларга ээлик кылган дүйнөдөгү бирден бир өлкө. Кытайдын резервинде 3-4 триллион долларды түзөт. Буга кошумча Кытай 2016-жыл аралыгында дүйнөгө 2.1 триллион долларлык өнүм экспорт кылган жана 1.6 триллион долларлык өнүм импорт кылган. ВТОнун (ДСУ)

маалыматына ылайык ал дүйнөдөгү АКШдан кийинки эле соода гиганты болуп саналат.

Мына ушундайча Кытай соода жаатында доллар менен тыгыз иш алып барат жана үлкөн суммадагы казыналык облигацияларга ээлик кылат. Ушул себептүү аны долларды туруксуздукка алып бара турган бирэр бир кадам жасашында бир кадам алдыга эки кадам артка сүрүп жатат. Американын ийгилиги бул эл аралык соода жаатында Кытайды доллар менен соода кылууга тартып алуусу, Кытайды да доллардын туруксуз болуп кетишине баш катыра турган кылып койду. Анткени эгер доллар туруксуз болуп кетсе дүйнөдө эң эле жапа чегип кала турган бул - Кытай өзү экендигин жакшы түшүнөт. Ошондуктан бул нерсе аны өзүндөгү ири запас болгон доллар жана облигацияларды сактап калууда долларга каршы бирэр бир иш кылууда абайлап жана четтеп турууга түрттү. Ал тургай кытай менен Орусия отртосундагы соода бүтүндөй доллар менен эмес болгон күндө да бул маселени чече албайт. Анткени эки тараптын жылдык соода алакасы 120 миллиард долларды түзөт. (ArabicChina 2018.09.23) Бул көрсөткүч 20 триллион долларды түзгөн дүйнөлүк соодага салыштырмалуу шоона эшпей калат. Ошондуктан доллар кожоюндугунан азат болуу кадамында Кытай Орусияга караганда өтө аяр кадам кылат.

Доллар менен алака кылуунун зарар-кесепетин Кытай түшүнүп жеткендиги көрүнүп турат. Мейли резервиндеги триллиондогон доллар же ири суммадагы Америка казына облигацияларына ээ болуу болбосун айырмасы жок... Анын кесепети үлкөн экенидигин аңдады... Дүйнөдөгү көптөгөн өлкөлөр алтынды сатып алууну көбөйтүштү. Кытайдын алтын запасы 2008-жылдагы 600 тоннадан 2018-жылы 1842 тоннага чейин көтөрүлдү. Бул дегени 2014-жылы туу чокуга чыккан 4 триллион долларга жеткен резервдеги доллары азая баштаганын түшүндүрөт. (Trading Economics сайты) Маалым болгондой Кытай 2015-жылы өзү эле 700 тоннадан ашык алтын сатып алды. Ал эми Кытай өзү ээлик кылган Америка казына

облигацияларын 2008-жылдагы финансы кризисинен кийин сатууга бел байлаган. Кийинки эки жыл аралыгында Кытай ээлик кылган бул облигациялардын кыйматы түшуп кеткен. Бирок Америка Кытайдан Америкага экспорт кылынган оюнчуктардын кооптуу экендиги маселесин көтөрүп анын менен болгон соодага чек коюу менен коркутууга алды. Кытай кайрадан облигацияларга ээлик кылуусун көбөйтө баштады. Бул 2013-жылга чейин уланды. Бирок Кытай Трамп администрациясы менен болгон соода согушу алкагында кайрадан облигацияларды сата баштады. Ал өзү ээлик кылган бул облигацияларды конфронтациясыз эле кыскарта баштады. Кийин болсо өзүнүн соода жаатында доллардын ролун акырындык менен азайтуу жолдорун издей баштады. Орусия, Жапония менен жергиликтүү акча бирдиги негизинде келишимдерге кол койду. Ошондой эле мунай баасы алтын менен камтылган юандын негизинде белгилеп сатылышы үчүн Шанхай биржасын негиздеди. Бул биржа негизделген учурдан баштап биринчи жыл аралыгында дүйнөлүк мунай сатуу соодасынын 10%ына ээлик кылды. Кийин Кытай юан АКУ (СПЗ)дин куржунунда болушу үчүн ага шериктеш болду. Фонд Кытай юанын АКУ (СПЗ) дин куржунуна 2016-жылдын 1-октябрынан баштап кошту. (https://www.imf.org 2016.09.30)

Жогоруда айтылып өтүлгөндөрдүн негизинде Кытайдын эбегейсиз доллар жана облигация запасына ээлик кылуусу аны долларга каршы бирер бир таасирдүү иш кылышынан тосуп койот. Ошондуктан долларга салыштырмалуу эл аралык төлөмдөрдө юан 1.7% эле, ал эми доллар 40%ды түзөт.

B. Евро Биримдик

1999-жылы евро пайда болду. 2002-жылдын башынан баштап евро ЕБтеги белгилүү бир өлкөлөрдө өз ара алакаларда жүгүртүлө турган жергиликтүү акча бирдиктерине алтернатива катары банктык негизде жүгүртүлө баштады. Ал долларга каршы ат салышууга аракет кыла баштады. Анын артында үлкөн экономикага ээ Германия, Франция сыяктуу

мамлекеттер турду. Кийин буга Европадагы башка өнөр жайы өнүккөн бай мамлкеттер да кошулду. Ошондуктан евро тез арада дүйнөлүк күчтүү акча бирдигине айланды. Анын артында күчтүү биргелешкен мамлекеттер Америка менен ат салыша турган саясий тассирге ээ болуусу да мүмкүн болду. Алардын алдында өз алдынча армия тикелөө мүмкүнчүлүгү да жаралды жана алар ага да аракет кылышты. Евро резервдик акча бирдиги катары эл аралык өлкөлөрдүн борбордук банктарында 20-23%га чейин жетип барды. Бирок евронун дүйнөлүк экономиканы көзөмөлдөй алышына тоскоолдук жараткан нерсе бул Америка алдына Евроапылыктардын саясий, аскерий жана экономикалык жактан чабалдыгы болуп калды. Анткени ЕБ дагы деле өзүн коргоо абалында. Ага карата коркунуч жаралуусу алар үчүн жеңил иштерден эмес. Британиянын андан чыгып кетиши ага болгон ишенимди дагы да азайты. Ошондой эле анын курамындагы өлкөлөрдө сеператистик кыймылдардын пайда болушу жана алардын ЕБден бөлүнүү талаптарын койуусу ЕБке болгон ишенимди алсырашына алып барды... Буга кошумча аларда бирдиктүү саясий токтомдун да болбошу. Ушунун баары еврого болгон ишенимдин азайуусуна алып барат.

2: Америка кемесинде болгон мамлекеттердин Орусия Кытай жана Европа менен келишимдерди кылуусу:

- Түркия, Иран, Индия жана Жапония:

- Иран борбордук банкынын мүдүрү Абду Насыр Хамати үч илтик жыйынында (Иран Орусия Түркия) доллардын ордуна улуттук акча бирдиги менен соода кылуу маселеси талкуулангандыгын билдирди. (Тегеран гезити Таймс 2018.09.09)

- Түркия, Орусия жана Иран өз ара соода жаатында Америка доллары ордуна улуттук акча бирдигин колдонууга макулдашышты. Жогорудагы булактын маалыматына ылайык Анатолия кабар агенттиги бул агенттик мамлекет тарабынан башкарылат: Иран борбордук банкынын мүдүрү Абду Насыр Хаматинин Тегерандагы билдирүүсүн басып чыкты: “соода алкалары

белгилүү бир алмашуу курсунун негизинде жүргүзүлөт...” (https://ahvalnews.com/ar 2018 09 09)

- 2018-жылы октябрда Кытай менен Жапония 30 миллиард долларлык акча алмашуу келишимине макулдашышты. Бул келишим Жапония үчүн ири келишим болуп саналат...

- Орусиянын вице-премьери Юрий Просов 2018.10.31 (С-400 ракета түзүмүн Индияга сатуу келишими Орусиянын рублу менен боло тургандыгын) билдирди. (ASA 2018.10.31)

Орусия жана Кытай жергиликтүү акча бирдиги менен соода кылууга тартып жаткан бул мамлекеттер Америка кемеси менен бирге жүрөт же ага малай мамлекеттер. Башкача айтканда алар Америка саясаты менен бирге жүрөт. Алар доллар колдонуудан же аны резервдик акча бирдиги катары пайдалануудан баш тартуу жаатында бирер бир чечкиндүү кадам таштапайт. Көз карандысыз экономикалык чечимдерди кабыл алуу үчүн Кытай Орусия сыяктуу көз карандысыз саясий вужуд керек. Алар Орусия, Кытай менен жергиликтүү акча бирдиги аркылуу соода кылууга келишим кылышкандыктары себептүү өзгөчө кырдаал учурларында Америкага баш калкалай калышат да иш мурункусундай эле улуна берет: Америка мамбашы Трамп Түркиянын болотуна каршы санкцияларды киргизгенден кийин жана Түркия акча бирдиги лирага карата чабуул кылгандан бери Эрдоган долларды өлкө ичинде колдонууга каршы аны айыптай башатады. Түркиянын карызы 400 миллиард доллардан ашык болуп, анын баары доолар менен алынган. Бул дегени Түркиянын улуттук акча бирдиги лиранын доллар каршысында кунун жоготуусу, карызды жабууда көптөгөн лираны талап кыла баштаганды билдирет. Анын натыйжасында баалар көтөрүлөт, адамдар запкы тартышат, Эрдгоган адаттагысындай эле куу сүрөөнүн баштайт! Ал эми 3-сентябрда Кыргызстандагы Рух –Ордо маданий борборунда өткөрүлгөн Түрк кеңешинин алтынчы конференциясында Эрдоган мындай деди: “Биз Америка долларынын ордуна өзүбүздүн акча бирдик менен соода

кылууну сунуштап жатабыз”, деди. Бул билдирүүнүн акыйкатта оорду жок. Бул акыйкаттан өтө эле алыс. Ошондуктан Түркия негизинен ЕБ менен соода кылат! Ошону менен биргеликте эле ал соодасын бүтүндөй доллар менен кылат. Карызды доллар менен алат. Резервиндеги акчаларынын көбү да доллар менен. Ошондой эле табигый газды, мунайды импорт кылып алууда баардыгы доллар менен ишке ашырылат... Кийин Америка ага карата киригизилген санкцияларды алып салды жана иш өз нугунда эле уланып кеткендигине күбө болдук. Түркия санкция алына электен мурда деле улуттук акча менен алака кылууга өзгөчө көңүл бурган жок... Ал эми түрк тилдүү Орто Азия өлкөлөрү Орусиянын саясатына эргешишет. Түркиянын бул өлкөлөр менен соода кылуусу бүтүндөй түрдө улуттук акча менен кылынган күндө да Орто Азия өлкөлөрүндөгү чабал экономикасы себептүү дүйнөлүк соода алдында таасир бере турган суммага жетпейт.

Ал эми Индия, ал мурдатан эле Орусия куралын импорт кылып келген. Аны бул ишинен Америка тыйган эмес. Америка Индияны Азия чөлкөмүндө күн санап өсүп келе жаткан Кытайга каршы койуу үчүн аны айбат катары күчтөнүп алышына жол ачып койгон. Индия муну жакшы билет. Ошону менен биргеликте эле Индия тараптан доллардын орун басары катары рубл же юандын дүйнөлүк акча бирдиги катары болушуна аракет кылышы күтүлбөйт.

Ал эми Жапония анын Америка менен тыгыз байланышта экендиги жана Орусия менен болгон алакасы айтпаса да белгилүү. Анын кандайдыр бир иши долларга каршы же доллардын орун басары катары рублду кабыл алып жатат дегенди түшүндүрбөйт.

Корутунду:

Долларга каршы бирер бир таасирдүү иш кыла алышы мүмкүн болгон мамлекеттер булар Орусия, ЕБ, жана Кытай. Бирок биз жогоруда айтып кеткенибиздей ар биринин аракети чектелүү. Бирок аларды чектеп жаткан нерселерди жарып өтө алышса долларды ордунан козгоп туруксуздукка

салып койушу мүмкүн. Эгер алар бул маселе жаатында алгылыктуу иштерди кыла алышпаса анда өздөрүнүн резервиндеги долларлар кунсузданып “алсыз доллар” аталышы менен кагазга айланып калат. Америка эбегейсиз суммадагы карызынан запкы тарта баштады. Washigton Examiner журналынын 2018.10.01 деги маалыматына ылайык (Америка өкмөтүнүн карызы бир жыл аралыгында финансы жактан алып караганда 2018-жылы 30-сентябрда 1.2 трилиллион долларга өскөн. Американын улуттук карызы 2017-жылы 20,25 триллион болгон. 2018-жылдын аягында 21. 52 триллион долларды түздү.)

Ондогон жылдардан бери чогулуп келе жаткан Американын карызы өлкөнү финансы кризисине алып барды. Карыздын дагы да үстөкө-босток көбөйүп кетиши 2008-жылдагы акча кризисинен кийин дагы өскөн. Анда 8 триллиондон 21 триллионго секирик жасаган эле. Бүгүнкү күндөгү Американын карызга тыгылуусу өтө курч абалга жетип баратат. Болтон муну улуттук коопсуздукка шек келтире турган абал катары баалап аны тез арада чечүү керектигин билдирди. Башкача айтканда бул абал алыс эмес өтө жакын калгандыгын билдирет... Мындай оор кырдаал каршысында Америка ыктыярындагы жападан жалгыз жол бул ири суммадагы агылган долларды басып чыгаруу. Мамлекеттик каржылоо негизиндеги ири суммадагы агылган долларды алып чыгуу карызды жапмак турмай доллардын кунсузданышына алып барат. Же Америка казына министри атагандай “алсыз доллар” абалына өтөт. Бул дегени дүйнө мамлекеттери соода жаатында доллар менен алака кылбай калгандыгын жана резервдериндеги долларларынан да кол жууп калгандыгын билдирет. Ошондой эле ээлик кылышкан Америка казына облигацияларынан да кол жуугандыктарын түшүндүрөт. Доллардын кунсузданышы менен бул мамлекеттер эбегейсиз байлыктарынан кур жалак калышат!

Учурдагы кырдаал ушундай мааалда бул мамлекеттер доллардын ордун баса турган дүйнөлүк акча бирдигин кабыл ала алышпайт. Бирок Орусия

жана Кытай башка мамлекеттер менен болгон соода алакаларында жергиликтүү акча бирдиги менен соода кылууну токтотпостон улантышса доллар кожоюндугуна тап бере алышат. Европанын Кытай катарында аракет кылуусу да өтө чоң таасир тийгизет. Алтынды сатып алуу да бул ишке өбөлгө болот. Бирок алтын банктарда товар катары сакталып суроо талап пайда болгондо долларга сатылып туруусунун улануусу маселени оң жагына чечпейт. Же кагаз акчаны камтып туруусу үчүн анын бекем валюта аталышы менен резервде сакталып туруусу да маселени чечпейт. Булардын бирөөсү да маселенин чечими эмес. Балким маселенин чечими качан гана алтын менен күмүш акча бирдиги болгондо гана маселе оң жагына чечилет. Эгер кагаз акча чыгарыла турган болсо анда анын запасында (мукабалында) алтын жана күмүш болуусу зарыл. Башкача айтканда бекем акча аталышы менен алтын жана күмүш банктардын резервинда товар катары сакталып турбастан ал экөө өзү акча катары айланып турушу зарыл жана эгер кагаз акча басып чыгарылса ал канча алтын же күмүшкө барабар экендиги көргөзүлүүсү зарыл. Тактап айтканда ар бир өлкөдөгү борбордук банк алтын жана күмүш акчаны чыгарат. Эгер кагаз акча чыгарса анда ал канча алтын же күмүшкө тете экендигин көргөзөт. Ал кагаз акчаны ким кааласа каалган учурда банкка барып анын мукабалындагы алтын же күмүштү айырбаштап алат. Башкача айтканда ал кагаз акча алтын менен күмүштүн орун басары катары жүгүртүлө берет. Анын кыйматы канча алтын же күмүшкө тете экендиги анын бетинде жазылуу болот. Аны каалаган учурда ошол жазылган алтын же күмүшкө алмаштырып алат. Муну менен кожоюндук кагаз акчага эмес алтын жана күмүшкө таандык болот... Ошондо гана бир мамлекет кыйматы жок кагаз акча менен башка бир мамлекеттин байлыгын тоноп, алардын аракетин да пайдалана албайт жана душмандык согуш отун тутандыра албайт. Биз көрүп турганыбыздай бул ишти кыла ала турган дүйнөдө бир да мамлекет жок. Бул ишти кыла турган мамлекет бул - Халифалык мамлекети. Халифалык мамлекети бул ишти кылбай койушу мүмкүн эмес. Анткени

шарий өкүм бул Аллахтын буйругу ал буйрукту Пайгамбар с.а.в. иш жүзүндө ишке ашырган. Анын жолунда Хулафаи рошидиндер жана 1924-жылда Халифалык кулатылганга чейин алардан кийинки халифалар жүрүшкөн. Мына ошондон кийин гана батыл кожоюндук кыла баштады... Адамдардын мал мүлкүн миллиарддап уурдай турган бир гана тоноо алдым жуттумду жакшы көргөн капиталистердин түзүмү болгон капитализм түзүмү дүйнөнү жетекетей баштады. Бул түзүм адамдар тарабынан түзүлгөн зулум түзүм. Биз күбө болуп тургандай бул түзүмдү колдонуудан канчалаган финасылык, экономикалык кризистер келип чыгып, анын натыйжасында адамдар кыйматы жок кагаз акча негизинде канчалаган мал-мүлктөрүн талатып-тонотушуп запкы тартып жатышат. Ошондуктан бул батыл түзүмдү кулатып Аллах амал кылуучу соолих пенделерине убада кылган, акыйкат жана адилеттүүлүк мамлекеттин негизги камтамасы болгон Ислам түзүмүн тикелөө зарыл.

“...Бул Аллахтын убадасы, Аллах убадасын бузбайт. Бирок көптөгөн адамдар акыл жүргүзүшпөйт.” (Рум: 6-аят).

Дүйнө Аллахтын өкүмү менен башкарылмайынча финансылылык жана экономикалык кризисте жашаганы, жашаган. Аллах туура айтты, “...ким Аллахтын зикринен (буйругунан) жүз үйрүсө анда ага эӊ машкаттуу жашоо...” (Тooха: 124-аят)

**26. 11.2018.**

## Алжир маселеси боюнча берилген суроолорго жооптор

## Алжирдеги таасир талашуу эл аралык күрөшүнүн акыйкаты эмне?

**Суроо:** *Алжир элинин баардыгы Ислам динин тутунган жана 132 жыл мурда Франция колонизаторлугунан азат болуу жихадында миллиондогон курбанчылыктарды берген, кийин 2019-жылы 22-февралда калк Алжирдин тогут бийлигинен коркуу сезимин сындырып, ага каршы элдик толкундоо жүз берип, азыркы күнгө*

*чейин токтобой уланды, бирок, бул толкундоолордо Ислам урааны көтөрүлбөдү. Мунун себеби эмнеде? Кийин Алжирдеги таасир талашуу эл аралык күрөшүнүн акыйкаты кандай? Азыркы учурда болуп жаткан окуялардын ролу барбы? Соңунда, шайлоолордон эмне жыйынтык күтүлөт?*

**Жооп:**

Жооп түшүнүктүү болушу үчүн төмөнкү нерселерге токтолобуз:

Биринчиден: элдик толкундоолордо Ислам ураанын жаңырбашынын себеби:

1. Ооба, Алжир тээ илгертен Исламий өлкө болуп эсептелет. Ал муну токсонунчу жылдары мамлекет эркин шайлоолорго бир аз мүмкүнчүлүк бергенде, Аллахтын шариятын талап кылып Алжир көчөлөрү толо миллиондогон элдин чыгуусу менен тастыктаган. Бул учурда, Европанын айласы кетип, Франция аскерий кийлигишүү менен опузага алды. Кийин Франция жана Европа Алжир мамбашын 1992-жылы 1991-жылдагы шайлоолордун жыйынтыгын жокко чыгарууга түрттү. Армия аралашып өлкө бийлигине ээ болгондугун жарыялады. Алжирдин бийлигиндегилерге негизги жардам – калп аталышы нур борбору болгон, чыныгы жүзү зулумдук борбору болгон «Париждеn» – келип жатты. Кийин Франция чалгын кызматы жергиликтүү Алжир чалгын кызматы менен кызматташуу алып барып токсонунчу жылдары Алжирдеги жүз миңдеген мусулмандарды жапайы кыргын кылды. Кийин Алжир бийлиги жана анын артында турган Франция, Британия эч уялбастан бул кыргындарды исламийлерге чаптады. Ал тургай, өздөрү кылган бул жапайы кыргындардын ар бир тамчы канын исламийлерге жабыштырды. Мындай абал он жылдай аралыкка созулду. Кийин бул мезгил «кара он жылдык» аталышы менен аталып калды. Бийлик адамдардын зээнине Исламга болгон кандайдыр бир чакырык болбосун үчүн ага каршы коркунуч киргизди. Бийлик элди кимдир бирөө Ислам менен өкүм кылууга чакыра турган болсо, ал «кара он жылдык» окуяларына чакырып

жаткандай туя турган абалга жеткирди. Франция маалымат каражаттары бул Исламдан болгон коркутуу кампаниясын кеңири чагылдырып турду. Исламдан коркутуу Париждеги саясатчылардын адатына айланды. Мына ушул Франция жана Европа коркутуусу Алжир кыймылдарын Исламга чакыруудан кайтарууга багытталган. Бул ыкма Алжир бийлигине да көчүп өттү: «Өлкөдө чечим кабыл алуучу чөйрөгө жакын тараптар : «Өлкөдөгү исламчылар илманийлерге каршы ыңкылаб уюштурууну жана исламий мамлекет курууну пландап жатышат. Ал тургай, эгер талап кылынса, илманийлердин урандыларынын жана жасаттарынын үстүнө болсо да, Ислам мамлекетин тикелөөнү пландап жатышкандыгын», - баса белгилешти». («Индепендент», 23.02.19). Бийлик мусулмандардын канын өзү төгүп жаткандыгына карабастан, «Исламий экстремизм» «кан төгүүгө даярданып» жатат деген өңдүү коркутуулар аркылуу элди Исламдан коркутуп, эскертүү ыкмаларын ишке ашырып келүүдө. «Алжир коопсуздук кызматты «Ислам куткаруу фронтунун» негиздөөчүлөрүнүн бир катары саналган белгилүү оппозиционерди көчөлөрдүн бирине сүйрөп чыкты». («Арабия», 23.02.19). Башкача айтканда, Алжирдеги митингдер башталгандын экинчи күнү.

2. Бул жерге Американын Исламга каршы күрөшүү согушу болгон «Исламий терроризм» да келип кошулду. Американын Исламга каршы бул согушу исламий дүйнөдөгү бардык калыс адамдарды, кыймылдарды, партияларды жана жамааттарды өз ичине алды, аларды террорист атады. Кийин Исламий байрактарды каралап көрсөтө баштады. Ислам өкүмдөрүн бекем карамагандарды экстремист, террорист атап айыптады. Ушулардын баардыгы Алжир элинин Исламга чакыр ташташына көлөкө түшүрдү.

3. Алжир кыймылдарын Исламий чакырыктардан кармап турган дагы бир нерсе «салтуу Ислам» аталышындагы кыймылдардын кылып жаткан иш-аркеттери. Алар бирде өздөрүн оппозициялык кыймыл десе, бирде бийлик менен шайма-шай жүрүп министрлик кызматтарга жана парламантте мандатка ээ болуп, бийлик сөзүн сүйлөп жаткандыктары, элдин

көпчүлүгүн, айрыкча, бул кыймылдарды Ислам негизинде иш алып барат деп бул кыймылдарга ишенишкен, кийин алар бийлик менен кызматташып жатканын көрүшкөн адамдарды ирээнжитти. Мындан тышкары, алар Исламда харам болгон парламенттик мыйзам чыгаруучулукка, ошондой эле, эч бир Исламга байланышы жок харам болгон түзүмгө аралашуулары да кошул-ташыл болду... Ушулардын баардыгы митинге чыккан Алжир кыймылдарынын Исламга чакырышына жолтоо болду.

4. Акырында, Алжирдеги эл аралык таасир талашуу күрөшү жана Европа, айрыкча, Франция туруктуу түрдө илманий сакофат таратуусу, ошондой эле, Алжирдеги кыймылдардын арасында европачыл кыймылдарды жетекчи катары көргөзүү араткеттеринин баардыгы илманий негизде алып барылат. Алар Алжирде илманийликти калыптандыруу үчүн Алжирдеги саясий таасирлери аркылуу иш алып барышат. Маалым болгондой, Алжирдеги эл аралык күрөштүн тарапташтары Алжирде Ислам нурун өчүрүп, илманийликти калыптандырууга эч каршылыксыз макулдашып алышкан.

Мына ушул себебдер Алжирдеги элдик кыймыларда илманийликтин оркойуп чыга келишине шарттарды жаратты. Мунун баары Батыш жана анын жергиликтүү жүгүртөктөрүнүн артында турган саясий адаштыруу жана алдоо болуп саналат... Бул нерсе элдик кыймылдарда сыртынан Исламдын ураандары жаңырышына жолтоо болсо дагы, а чынында, миллиондогон алжирликтердин жүрөктөрүнүн тереңинде Исламдын туруктуу жай алышына жолтоо боло алган жок. Анын Аллахтын жардам менен ачыка чыгышы да алыс эмес.

﴿إِنَّ اللَّهَ بَالِغُ أَمْرِهِ قَدْ جَعَلَ اللَّهُ لِكُلِّ شَيْءٍ قَدْرًا﴾

***«Албетте, Аллах*** *(каалаган)* ***ишине жетүүчү. Чындыгында, Аллах бардык нерсе үчүн өлчөө белгилеп койгон»*** [65:3]

Экинчден: Алжирдеги эл аралык күрөш.

1. Британия жана Франция.

А. Алжирдеги 1965-жылдагы Бумедьендин ыңкылабынан кийин кээ бир учурда гана Франция таасиринин оркойуп чыга калган учурунан башка учурда Британиянын таасири толук туруктуу орногон. Бирок, 1993-жылы Алжир мамбашы Чадли Франциянын таасирдүү адам катары саналган Халид Низарды коргоо министирлигинен алып салгандан кийин Франциянын таасири армияда акырындык менен алсырап отуруп «аскерий сакофаттандырууга» чейин түшүп, андан да төмөндөп саясий жүгүртөктөрдү пайда кылуу аракетине таяна турган болуп калды. Британияга берилгендиги менен белгилүү болгон Бутефлика 1999-жылдан берки узун башкаруусунда Франция таасири анда-санда чыга калышын биротоло жок кылуу үчүн эч кандай ызы-чуу кылбастан акырындык менен иш алып барды. Франция таасирин мамлекеттик аппараттан алыстатуу иши спорттук мелдеш сыяктуу негизде кетти. Башкача айтканда, спорттук мелдеш көрүнүшүндө бара жаткан таасир талашуу жаатында эки тарап эч кандай чыңалуу жаратышкан жок. Бирок, 2015-жылы 13-сентябрда Бутефлика «генерал Тафык» аты менен таанымал болгон чалгындоо кызматынын генералдык мүдүрү Мухаммад Railwayмединди кызматтан алуусу Франция үчүн үлкөн сокку болду. Алжирде коопсуздук жаатында бирден-бир таянган ишеничтүү адамынан айрылышы Франция үчүн таасир жоготуу жагынын чоң сокку болду. Бул үлкөн сокку Алжирдеги эки тараптын тарапташтары ортосунда өчүп турган күлдү чокко айлантып, алакаларды чыңалууга бет алдырды.

Б. Алжирдеги Британия-Франция тарапташтары ортосундагы спорттук мелдеш өңүндөгү таасир талашуу жарышынын көрүнүшү өзгөрүп «моюн сындыруу» даражасына жетип барбаса да, «кол кайруу» көрүнүшүн алды. Алжирдеги бул эки тараптын атаандашуусу ушул эки мамлекеттин атаандашуусун чыңалуу даражасына чейин алып барды:

Биринчи: 2016-жылда Британия ЕБден чыгуу (Брексит) үчүн референдум өткөргөндө Британия менен Франция ортосунда карама-каршылыктардын күчөөсүнө алып келди. Бул нерсе Британия өкмөт башы

Мэй менен ЕБ сүйлөшүү өткөргөндө Франциянын катып туруп алышында көрүндү. Ошондой эле, Британиянын жаңы өкмөт башы Жонсонду ЕБден келишимсиз болсо да чыгып кетүү планында дагы көрүндү. Бул нерсе Франция үчүн чоң зыян болуп эсептелет. Американын Иран өзөктүк келишиминен бир тараптуу чыгуу маселесинде да эки тарап ортосунда карама-каршылыктар орун алды. Бул маселеде Франция Америкадан бөлөк позицияны кармanса, Британия Америка позициясына жакын позицияны кармады. Франция менен Британия ортосундагы карама-каршылыктар кеңейип олтуруп, Алжир сыяктуу өлкөлөрдө да таасир талашуу жаатында көрүнө баштады.

Экинчи: 2019-жылы 22-февралда Алжирдеги элдик толкундоолордун башталышы менен Франция Алжирдеги туруксуз абал Британия таасирин олку-солку кылат жана өзүнүн таасирин кайра кайтарып алуучу ыңгайлуу абал деп билди. Башкача айтканда, 2015-жылдан бери оту өчөйүн деп калган Франция таасири элдик толкундоолордун аркасынан учкундары жандана баштады.

Мунун натыйжасында эки тараптын ортосундагы атаандашуу күрөшү «кол кайруу» көрүнүшүнө өттү. Коопсуздук кызматы Каид Салахты армия жетекчилигинен алгандыгын ал аскерий ыңкылап уюштурууну пландагандыгы менен түшүндүрдү. Алжир коопсуздук кызматы Алжирдеги Франциянын эң коркунучтуу жана күчтүү саналган кишилерин камакка алды. Алар Мухаммад Медин (генерал Тафык) жана Башир Тартак, бул экөө мурдагы коопсуздук кызматынын жетекчилери болуп саналат. Алар 2019-жылы 5-майда камака алынды. Кийин 2019-жылы 9-майда лейбористтик (жумушчулар) партиянын жетекчиси Луиза Ханунду камакка алынды. Кийин францияч‌ыл адамдар өз сабына мурунку мамбашы Бутефликанын тууганы Сайид Бутефликаны да кошуп алды деген жүйө менен Сайид Бутефликаны да камака алышты. «Блидеги Алжир аскерий соту мамлекет бийлигине жана армияга каршы тил бириктирди деген жүйө менен төрт айыпталуучуга

каршы 15 жылдык жаза өкүмүн чыгарды. Аскерий соттун өкүмү Саид Бутефлика, Луиз Ханун жана эс алуудагы лейтенант Мухаммад Медин сот залына алынып келип, алардын катышуусунда чыкты. Ошондой эле, Блидеги аскерий сот мурунку коргоо министири Халид Низарга сыртынынан 20 жылга кести». («Sky News арабий», 25.09.19). Франиция Алжирдеги аскерий жетекчилердин камакка алынуу себебдерине каршы ачууланды. Луиза Ханун камакка алынгандан кийин Британиянын «Индепендент» гезитинин 2019-жылдын 18-майдагы маалыматы боюнча 1000 франциялык, анын ичинде мурунку өкмөт башы Жан Марк Эйро Ханундун бошотулушун талап кылган демилгеге кол коюшкан. Гезит буларды кошумчалады: «Франция парламентиндеги республика партиясынын депутаты Жан Ласал Алжирдеги болуп жаткан окуялар Франция кызыкчылыгына тескери таасир беришинен кооптонуп жаткандыгын билдирип мындай деди: «Алжир аскерий институттарындагы улуттук борборлошкон жаңы генерал офицерлердин жаңы мууну чыга келиши Алжирдеги Франция кызыкчылыгына коркунуч жаратат. Айрыкча, сакофий, экономикалык жана саясий жактан». Бул нерсе Франциянын деми кысылып жаткандыгына ишаара кылат. Башкача айтканда, бул таасир талашуу күрөшү Армия жетекчилиги тарабынан колдоого алынган британиячыл бийликтин тараза ташы оор болуусу менен биргеликте чыңалуу жаатына күчөп баратат...

2. Американын Алжир майданына кирип келүү аракети.

Америка маалымат каражаттары Алжирдеги элдик кыймылдардагы кээ бир, мисалы, социалисттик фронтун жетекчиси Карим Табу сыяктууларды жарнамалды. «Эркин» аталышындагы Америка маалымат каражаты Карим Табуну «элдик кыймылдардагы көрүнүктүү адам» деп, анын видеолорун чыгарып, «ал Алжирдеги элдик жүрүштөрдү жетектеп жатат» деп сыпаттады. Ошондой эле, «ал башка партияларга салыштырмалуу, бийликке негизги оппозициялык күчүн көрсөтүп жатат» деп жарнама кылды. Бул нерсе Алжир элдик кыймылдарынын арасында Табуга окшогон активисттер сыяктуу

Америка таасири бар экендигине ишаара кылат. Алжир коопсуздук кызматы бул активистти жана башкаларын «Армиянын моралдык духун түшүрүп жатат» деген жүйө менен камакка алды. Алжир элдик кыймылдардын Америка менен байланыштары болуусун күтүүгө болот. Бирок, ал байланышы бар адамдардын кубаты саясий чөйрөдө таасирге ээ болууга дараметине жете элек. Америка азыркы күнгө чейин Алжирде армия арасында жана мамлекет аппаратында таасирге ээ болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон жок.

Жогорудагылардын негизинде Алжирдеги эл аралык күрөш Америка-Европа күрөшү эмес, ал Британия-Франция ортосундагы, Британия Алжирдеги Франциянын канатын кесип салуу аркетиндеги күрөш. Ал эми, Американын Алжирдеги эл аралык Европа күрөшүнө башын тыгуу аракетинен майнап чыга элек. Алжирдеги бийлик элдик толкундоолордун жана кризистин созулушу Америка көп жылдардан бери аракет кылып келе жаткан таасирге ээ болуу аракетине мүмкүнчүлүк жаратат деп кооптонуп турат. Ошондой эле, Франция да кризистин узакка созулушунан пайдаланып өз таасирин бекемдеп алууга ашыгып жатат.

Үчүнчүдөн: шайлоолордон күтүлө турган нерсе:

1. Британия жана Алжирдеги азыркы британиячыл бийликтегилер, ошондой эле, аскер жетекчилери Франция адамдарын мамлекет аппаратынан бир топ алыстатып салууга мүмкүнчүлүк табышты. Ошондуктан, азыркы бийликтегилер кырдаал өзгөрүп кеткичекти, айрычка, элдик толкундоолор уланып жаткан учурда мүмкүн болушунча шайлоолорду өткөрүүгө ашыгат. Каид Салих мындай деди: «Биз буга чейин президенттик шайлоону тездетүү тууралуу айтып келгенбиз. Бүгүн биз шайлоо өз убагында өтүшүнө толук ишенимдебиз». («Индепендент», 14.09.19). Ошондой эле, анын талап кылган позициясы да ачык-айкын болду. «Учурдагы кырдаал ачык-айкын позицияны талап кылаарын билдирип мындай деди: «Таяктын ортосунан кармаганга орун жок, же Алжир менен бирге болуш керек, же анын душманы менен

бирге болуш керек». («Индепендент», 14.09.19). Бул нерседен көрүнүп тургандай, азыркы британиячыл бийлик шашып жатат, анткени, иштер анын кызыкчылыгына ооп турган учуру. Ал эми, Франция жана аны ээрчиген Алжирдеги күчтөр азыркы шайлоолорду өткөрүүгө каршы, же аны артка жылдырып өзүнө ылайыктуу болгон учурда өткөрүүнү каалап жатат. Бирок, бул тууралуу ачык-айкын билдирүү берген жок. Балким, дипломатиялык жол менен гана Алжир эли өз өлкөсүнүн ишин өзү чечет дегенге гана чектелди.

2. Учурдагы бийлик президенттик шайлоого мурдагылардан жүздөрү гана башка болгон эки талапкерин чыгарууга аракет кыла баштады. «Мурдагы өкмөт башы Али Бенфлис жана Абдилмажид Табуун 12-декабрда өтө турган президенттик шайлоого талапкерликтерин көрсөттү». («Reuters», 28.09.19). Булар жана булардан башкалары да азыркы бийликтин ишенимдүү адамдары. Алардын кээ бирлери өздөрүн оппозиция катары көргөзүп оппозиция ролун ойноп жатышат. Али Бенфлис «Эркиндик» партиясынын лидери, ал өзүн оппозиция катары көрсөтүп, өзгөрүүгө чакырып жатат. Али Бенфлис 2000-2003-жылдары Бутефлика бийлиги учурунда өкмөт башчы болуп иштеген. Башкача айтканда, азыркы бийлик эски системаны өзгөрүүсүз калтырып, жаңы жүздөрдү бийликке алып келүү аркылуу, элдин туйгусун басып элдик толкундоолорду аягына чыгарууну каалап жатат!

3. Бирок, ушуларга карабастан, элдик толкундоолордун калың катмары азыркыс система негизинде шайлоо өткөрүүгө каршы. Бул катмар бийликти колдогон тараптардан жана шайлоолорду колдоп жаткан оппозиция аталышындагы кыймылдарга салыштырмалуу алда канча күчтүү. Бул нерсе өлкөнү эки ыктымалдуу болгон нерсенин бири менен кетүүгө түртөт:

- Азыркы бийлик 2019-жылы 18-апрелде шайлоолорду акыркы мөөнөтүндө артка жылдырганы сыяктуу бул шайлоолорду да акыркы мөөнөтүндө артка жылдырууга мажбур болот.

- Же элдик толкундоолорду уланышы менен биргеликте шайлоо толук эмес түрдө өткөрүлөт. Башкача айтканда, бул шайлоо элдик кыймылдардан кээ бир күчтөр бөлүнүп чыгып шайлоого катышкан күндө да элдин көпчүлүгү колдобогон шайлоо сыяктуу болуп калат. Бирок, ал учурда элдик толкундоолорду күч менен басууга кырдаал жаралып калат. Анткени, бийлик мыйзамдуу түрдө президент шайланды, анын токтомдорун аткаруу важиб деген жүйөнү карманып калат. Иштер кылыш керекпи же кылбай туруш керекпи деген негизде уланат!!!

4. Ошондуктан, Алжирдеги азыркы толкундоолор чыныгы өзгөрүүнү же ойгонууну ишке ашыра албайт. Анткени, бул элдик толкундоолор өз өзүнөн башталса да, Британия, Франция жана алардын жергиликтүү жүгүртөктөрү бул элдик толкундоолорду изинен чыгарып, өз кызыкчылыктарына оодуруп жатышат. Айрыкча, армия бийлик менен бирге экендигин билгизген көшөгөсү ачылып турган учурда. Балким, армия бийликтин буйрук-кайтарууларын аткара турган анын ажырагыс бөлүгү. Ошондуктан, азыркы кырдаалда Алжирде чыныгы өзгөрүү жүз бербейт. Качан гана армия Ислам жана элдин талабын коргоп чыккан учурда гана чыныгы өзгөрүү жүз берет. Бул нерсе мүмкүн боло турган нерсе. Качан гана армиядагы ыкластуу офицерлер армиядагы Батыштын жана Британиянын малайлары болгон генералдарды иштен четтетип, армия ичиндеги тизгинди колго алып, Ислам жана Умматка нусрат берген учурда жүз бере турган иш. Бул дегени армия бийликти колго алат дегенди түшүндүрбөйт, балким, акыйкатка нусрат бергенди билдирет. Анын натыйжасында Уммат күтүп жаткан чыныгы жетекчи топ толук түрдө өзгөрүүнү ишке ашырышына шарт жаралат жана туура жолдогу Халифалыктын тикелениши менен Исламий жашоо жашоого кайтып Уммат Аллах каалган макамына кайтат. Аллах айтат:

﴿كُنْتُمْ خَيْرَ أُمَّةٍ أُخْرِجَتْ لِلنَّاسِ تَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَتَنْهَوْنَ عَنِ الْمُنْكَرِ وَتُؤْمِنُونَ بِاللَّهِ﴾

***«Силер адамдар үчүн чыгарылган үммөттөрдүн эң жакшысы болдуңар: маъруфка буюрасыңар, мункардан кайтарасыңар жана Аллахка ыйман келтиресиңер»*** [3:110]

***«Ошол күндө момундар Аллахтын нусраты себептүү шаттанышат.*** *(Аллах)* ***каалаган кишисин үстөм кылат. Ал кудурет жана ырайым ээси»*** [30:4-5]

## Алжирдеги күчтүү каршылык митингдери

**Суроо:** *«Sky News» кабар агентиги 2019-жылы 17-мартта «Бир нече күн аралыгында... Алжирдеги митингдер бийликтин «баш оорусуна» айланды» деген аталышта жарыялаган макаласында ушуларды келтирди: «Алжирдеги эң ири көз карандысыз профсоюздук бирикменин лидери жакын күндөрдө жалпы энергетика тармагында, анын ичинде газ, мунай жаатында жалпы иш таштоону ишке ашыруу үчүн юридикалык кадамдарды жасагандыгын билдирди». 2019-жылы 11-мартта Бутефлика талапкерлигин кайтарып алды. Ал 18-апрелге белгиленген президенттик шайлоонун мөөнөтүн жокко чыгарды жана анын убактысын кайра аныктоо үчүн жалпы улуттук конференция долбоорун жарыялады. Бирок, эл анын бул кадамын өзүнүн азыркы төртүнчү мамбашчылык мөөнөтүн узартуу катары санап аны четке какты. 2019-жылы 15-март жума күнү 2019-жылы 22-февралда митинг башталгандан бери эң көп эл чогулган митинг болуп өттү, миллиондогон адамдар көчөгө чыгышты. Суроо: бул күчтүү митингдер – айрыкча мунай өндүрүш жаатында иш таштоо – жергиликтүү абалдан келип чыктыбы же мында чет мамлекеттердин колу барбы? Ушунун негизинде Алжирдеги саясий кырдаал өзгөрөбү? Бул каршылык митигдерине карабастан, Бутефлика өзүнүн акыркы токтомунун негизинде дагы бир жыл бийликте калабы?*

**Жооп:**

Болуп жаткан окуяларга, чет мамлекеттердин колу бар экендигине жана суроодо келген башка жагдайларга Жооп берүү үчүн төмөнкүлөргө назара салуу зарыл:

1 – Алжирдеги митингге учурдагы башкаруу түзүмүнүн зулумдугу, элдин байлыгын талап-тоноо, адамдарды жакырчылыкта күн кечиришине таштап койуу жана бийлик жемкорлукка белчесинен баткандыгы себеп болуп, табигый түрдө келип чыкты. Ар түрдү даражада элдин жашоосу кыйындап, көйгөйлөр чечилбестен калып кетти жана бул жагдай абалдын курчушуна алып келди. Бутефлика өзүм билемдик менен бийлик жүргүздү, ал тургай 2008-жылы баш мыйзамды өзгөртүп, мамбашчыны эки мөөнөткө гана шайлоо шартын алып салды. Анын натыйжасында Бутефлика катарынан төрт жолу мамбашчылык мөөнөтүн аркалады, алжып бара жатканына карабастан, бешинчи жолу кайрадан мамбашчылыкка баруу жолун издеп жатат. 2013-жылы мээсине кан куюлуп кыймылдоо, туура сүйлөө жөндөмүн жоготконуна карабастан, ал ушул айдын үчүндө расмий түрдө талапкерлик документтерин тапшырды. Элдер буга нааразы болуп, ар түрдү тармакта тынчтык негизинде митингдерди башташты.

2 – Бутефлика элди алдоо үчүн 2019-жылы 11-мартта жалпы элдерге карата кат жолдоп, төмөнкү токтомун жарыялады: «Биринчиден: бешинчи мөөнөткө эч кандай орун жок. Мен эч качан аны талап кылган жокмун. Менин ден-соолугум жана жашым Алжир эли алдындагы акыркы милдетеримди аткаргандан башка бешинчи мөөнөткө барууга мүмкүнчүлүк бербейт. Ошондой эле биз умтулган Алжир түзүмү үчүн негиз болгон жаңы республика негиздөө үстүндө иш алып баруу негизги маселелерден болуп эсептелет. Экинчиден: силер мага талап койуп жатканыңардын негизинде келерки апрель айында мамбашчылыкка шайлоо болбойт. Үчүнчүдөн: жакынкы аралыкта өкмөт курамына олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизүүнү токтом кылдым. Төртүнчүдөн: көз карандысыз жалпы улуттук конференция жаңы системага жана плюралисттик башкарууга негиз боло турган баардык

реформаларды тактап жана даярдап чыгуусу ага баардык зарыл болгон ыйгарым укуктар берилет.  Ал өз аракетин 2019-жылдын аягына чейин улантат. Бешинчи: президеттик шайлоо жалпы улуттук конференциядан кийин өткөрүлөт» («Радио Алжир», 2019.03.11.). Бул кат элдин наразылыгын андан бетер козгоду. Бутефлика талапкерлигин койуп жатып, мен талапкер болууга ниеттенген жокмун деп элди басууга аракет кылганы элдин кыжырын кайнатты! Элдер Бутефлика алдоо жолу менен төртүнчү мөөнөтүн дагы узартууну каалап жатат жана өзүнүн жемкордукка белчесинен батып калган командасынын таасирин бекемдөө үчүн шайлоо мөөнөтүн жокко чыгарды деп түшүнүштү...

3 – Бутефлика митингдин басымы астында жана элге өлкөдө өзгөртүүлөрдү жүргүзүп жемкорлук менен күрөшүп жаткандай көрүнүү үчүн 2019-жылы 11-мартта Ахмед Уяхьа башында турган өкмөттү таратты. Кудум Бутефлика муну менен жемкордуктун бир бутагы болгон бирөөсүн кетирип, анын ордуна ошондой эле башкасын алып келип койсом, эл ыраазы болот деген кыязда кылды! Бирок, адамдар буга окшогон алдоолорго ооздорун күйгүзүп алышкан, ошондуктан 2019-жылы 15-мартта Бутефликанын токтому жарыяланары менен эле элдер агылып көчөгө чыгышты. Бутефлика Нуриддин Бадавийди өкмөт башчы жана Рамтана Ламамруну тышкы иштер мансабын сактап калуусу менен биргеликте өкмөт башынын орун басары кылып дайындады. Бирок, алар да эч нерсе кыла алышпады. Ал экөө Бутефликанын токтому менен элдерди алдоого аракет кылып көрүштү. Нуриддин өзүнүн орун басары менен биргеликте 2019-жылы 14-мартта пресс-конференция берип: ««Өткөөл мезгил» бир жылдан ашык болбойт, президенттин шайлоону эртелетүүсү элдин талабына жооп берүү ирээтинде кылынды. Жаңы өкмөттү түзүү үчүн кеңешүүлөр жүрүп жатат. Ал технократиялык өкмөт болот», - деп билдирди. Ошондой эле, ал жаңы мыйзамдын негизинде жаңы мамлекет тикелөөгө жана ага оппозицияны да катышууга чакырды. («Алжир ТВ», 2019.03.14.). Бир күн мурда 2019-жылы

13-мартта Алжир өкмөттүк радиосуна Рамтана Ламамру билдирүү берип мындай деди: «Сүйлөшүүлөр зарыл. Биздин биринчи максатыбыз алжирликтерди бириктирүү. Жаңы система элдин каалоосуна жараша болот». Бирок, калк алардын алдап жатканын аңдашты. Көрүнүп тургандай, алжирликтер бул алдоолорду чындыгында эле аң-сезимдүү түрдө сезишти, ошондуктан алар мамбашчынын бийликтен кетишин талап кылышты, Бадавий менен Рамтана Ламамру чакырып жаткан сүйлөшүүлөрдү, президенттин бийликтен кетишин кечеңдетип жаткандыктарын, система өзгөрбөй эле жүздөр өзгөрүп жатканын четке кагышты, ошондой эле алардын кызматтан кетүүлөрүн талап кылышты. Элдин мындай четке кагуусу жума күнү 2019-жылы 15-мартта милиондогон адамдардын көчөгө чыккандыгында айкын болду. Бийлик оор кырдаалда калып, камоолорду баштады!

4 – Көрүнүп тургандай, армия Бутефликаны жана анын бийлигин коргоо тарабында болду. Алжирдин коргоо министринин орун басары жана Бутефликага берилип кызмат кылгандыгы менен белгилүү генштабдын жетекчиси Ахмед Каид Соолих митингчилерди опузага алып мындай деди: «Бул жерде өлкөнү кайгы жылдарына кайтарууну каалап жаткандар да бар». Ал убада берип айтты: «Армия коопсуздукту жана туруктуулукту камсыз кылууга жоопкер болот». Ал дагы мындай деди: «Бул жерде Алжирдин туруктуу жана коопсуз жашоо кечиришин көрүүнү каалабагандар да бар. Алар өлкөнү кайгы жылдарына кайтарууну каалап жатышат» («Би-Би-Си», «Шаркул Авсат», 2019.03.05.). Ал 26-февралда митингчилерге күч колдонуу мүмкүндүгү менен коркутууга алды жана аларды алданып жаткандар катары айыптап, аларды көчөгө чыгарып жаткан тараптарды да жемеге алды. Бирок, коргоо министрлиги артка кайтып, массалык маалымат каражаттарынан Каиддин коркутууга алып сүйлөгөн сөзүн ачыктабоону талаб кылды... Ал элдер менен ымалага келишүүгө аракет кылып мындай деди: «Мен эл менен армия ортосундагы алаканын бекемдигине ишенемин. Ушул бекем алака

чынчыл жана калыс калк менин айткан сөздүрүмдү туура түшүнүүсүнө түркү болот» («Sky News», 2019.03.13.). Маалым болгондой, негизинен армия өлкөнү көзөмөлдөйт. Бутефлика францияччыл аскерий жетекчилерди кетирип, өзүнө ыктаган британиячыл жетекчилерди жетекчилике алып келүүгө мүмкүнчүлүк таба алды. Ошондуктан, аскерий жана коопсуздук органдарынын жетекчилери британиячыл Бутефлика тарабында турушат. 2019-жылы 8-мартта Британиянын радио уктуруу корпорациясы армия жетекчиси Ахмад Каида Соолихтин ийгиликтерин көңүл толорлук катары баалаганына күбө болдук, анда мындай делет: «Көпчүлүкү адамдар 2013-жылдын сентябрынан тартып Ахмед Каид Соолих Алжир генштабынын жетекчилигин сактап калуу менен биргеликте коргоо министиринин орун басары кызматтын аркалагандан бери аны жана анын командасын Бутефликанын оң колу деп билишет. Бутефлика Францияга дарылануу үчүн кеткенде мурунку чалгындоо кызматтынын жетекчиси генерал Тофык башында турган топ президентти бийликтен кулатууга аракет кылышкан. Бирок, Каид кызматка жогорулганда чалгындоо кызматтындагы көптөгөн офицерлерди иштен четтете алды». Бутефлика 2015-жылы 13-сентябрда генерал Тофыкты чалгындоо кызматтынын жетекчилигинен алып салды.

5 – Мына ушундайча митинг өз-өзүнөн келип чыкты. Бирок, ал созула баштаганда эл аралык мамлекеттер өз кызыкчылыктарына жетүү максатында ага колдорун сала баштады... Анын баянына киришүүдөн мурда 2015-жылы 23-сентябрда жарыяланган суроо-жоопто келген нерсеге токтолуп өтөбүз. Анда Алжирдеги эл аралык күрөштүн вакыйына токтолуп өткөнбүз: «Алжир кошунасына караганда Америка пландарына күчтүү каршылык көргөзгөн олуттуу мамлекет. Абду Наасир менен биргеликте Америка сызыгында жүргөн Бен Белл кулатылып, Бумедьен бийликке келгенденден тартып Алжирде Британиянын таасири бекем орношту. Франциянын таасир талашуусу бирде алсызданып, бирде, өзгөчө алсыз президенттер доорунда күчөп турду. Бумедьен бийликте 1965-жылы 19-

июндан тартып 1978-жылы 27-декабрда өлгөнгө чейин турду. Бутефлика 1999-жылдан тартып азыркыга чейин мамбашчы болуп келе жатат. Бутефлика Британия менен тыгыз алакада. Бутефлика Алжир мамбашчылары арасында биринчи ирээт Британияга сапар жасаган башчы катары 2006-жылы Британияга иш сапары менен барды. Ошону менен бирге, кандайдыр бир таасирге ээ армиядагы франциячыл аскерийлер Бутефликанын Британия менен болгон алакасын билишет, ошодой эле Бутефлика франциячыл саясатчылар менен шайкеш эмес экенин да билишет. Ошентсе да, армиядагы франциячыл топ Бутефликаны азыркы күнгө чейин бийликтен кетире алышкан жок. Британия Алжирде Франциянын таасиринен Америка таасиринчелик корккон жок. Анткени, Британия Франциянын алдан тайган таасирине караганда Американын таасири алда канча күчтүү экенин көрдү. Ошондой болсо да, Британия Алжирде Франциянын таасирин жок кылмай болду, бирок муну азыр эмес, аста секин ишке ашырмай болду. Себеби, учурда Британия Франция менен эмес, Америка менен таасир талашуу күрөшүндө. Ошондуктан, бийлик абалды курчутпастан тымызын франциячыл офицерлерди өзгөрттү. Ал тургай, Бутефлика 2015-жылы 13-сентябрда франциячыл чалгындоо кызматынын мүдүрү Мухаммад Ламинди кызматынан бошоткондо кескиндикти курчуткан жок. Бул кадамдар системага таасир бере тургандай эч бир абалды курчутпаган негизде кылынды. Башкача айтканда, Бутефлика Британиянын колдоосу менен бир нече франциячыл офицерлерди кызматтан алууда ийгиликке жетишти. Бирок, ошондой болсо да армияда Франциянын орду дале сакталып калды. Себеби, армия маданияты жана окуусу Франциядан өздөштүрүлүүдө. Бирок, биз жогоруда айтып кеткендей, Бутефликанын армияга карата «күрөшү» түзүмгө көйгөй жаратпай турган мээлүүн түрдө болду...» цитата бүттү.

Анан тышкары, ошол суроо-жоопто буларга токтолгонбуз: «Британия Американын Алжирде таасир ээ болуу планына каршы күрөшүп жатат, бул күрөш жогорудагыдан айырмаланат...». Мисалы:

а) Испания 91 жыл колония кылып турган Батыш Сахарадан 1976-жылы чыгып кеткенден кийин Америка Батыш Сахаранын көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн «Полисарио» кыймылынан ыңгайлуу учурду көрдү. Америка Түндүк Африкага, айрыкча Алжирге башын тыгып алуу үчүн бул кыймылды шылтоо катары пайдаланды... Бирок, Алжирдеги британиячыл бийлик бул маселени байкап турган. Ал «Полисариону» чек ара тилкелери менен чектеп, аны өзүнүн тыңчылары менен курчоого алды, себеби, ал Америка бул уюмдун ичине өз тыңчыларын киргизишин билген. Америка БУУну көзөмөл кылып, анын Батыш Сахара жаатындагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн бардыгына басым кыла алгандыгына карабастан, Алжирде таасир күчүнө ээ боло албады.

б) Америка Алжирде база жайгаштыруу максатында «Africom» деп аталган атайын бөлүктөгү куралдуу күчтөрдү терроризмге каршы күрөшүү шылтоосу менен Алжирге киргизүүгө аракет кылды. Бирок, муну Алжир четке какты, анткени анын артында турган Британия Америка бул базаны Алжирге жайгаштыруу менен анын ишине аралашууну пландап жатканын сезди. Ошондуктан, Алжирдин ТИМи 2007-жылы 3-мартта: «Алжир Американын Африка боюнча атайын бөлүктөгү «Africom» аскерлеринин штаб-квартирасын Алжирге жайгаштыруусуна кызыкдар эмес», - деген билдирүү берди.

в) Америка 2012-жылы 22-мартта Малидеги окуяларды пайдаланып, терроризмге каршы күрөшүүнү күчтөөнү жана терроризмдин чеги Алжирге да жетип калды деген шылтоону карманып, Алжир менен аны биргеликте терроризмге каршы күрөшүүдө кызматташуусу үчүн иш сапарларын уюштурду. Бирок, ошого карабастан Алжир жана анын артында турган Британия Американын планын четке какты. Бул иш сапарлардын көрүнүктүүсү Хилари Клинтондун 2012-жылы 29-октябрда Бутефлика менен болгон жолугушуусу болду» цитата бүттү.

6 – Азыркы учурдагы Британия менен Франциянын эл аралык алакаларынан көрүнүп тургандай, алардын ортосундагы күрөш дээрлик спортук мелдеш көрүнүшүндө орун алууда. Бирок, Америка менен Британия ортосундагы күрөш кайнап жаткан эл аралык деңгээлдеги күрөш негизинде бара жатат. Бул кырдаал азыркы күндө да өз нугунда бара жатат. Америка менен Франция каршылык митингдерин өз тараптарына оодарып алуу максатында ар бири элдин арасында кадыр-баркы бар өзүнүн малайларын ишке салып жатат, аларды Британия малайларынын ордун басуусу үчүн бийликке алып келүүгө урунушууда:

– Америка. АКШ 2019-жылы 5-мартта Америка ТИМинин өкүлү Роберт Палладинонун аркылуу менен мындай деди: «Биз бул митингдерди күзөтүп жатабыз жана аны улантабыз. АКШ тынчтык митингдерин өткөрүүдө Алжир элин колдоого алат» («Би-Би-Си», 2019.03.06.). Бул Алжир окуяларына карата Американын биринчи реакциясы. Ушул билдирүүдөн көрүнүп тургандай, Америка бул митингдерди өз кызыкчылыгына пайдаланууну каалап жатканына далаалат кылып турат. Бутефлика президенттик шайлоо мөөнөтүн жокко чыгаруу токтомун чыгаргандан кийин Америка ТИМинин өкүлү Роберт Паладинонун мындай деди: «Биз жаңы жол негизинде, өнүккөн коопсуз келечекке карай умтулуп жаткан алжирликтердин үмүттүү аркетин колдойбуз. Алжирликтер өз позицияларын тынч негизде билдирип жаткандыктарын урматтайбыз. Ошондой эле шайлоо мөөнөтүн артка жылдыруу токтомун да күзөтүп барабыз жана эркин адилеттүүлүк негизинде Алжир эли өз тандоолорун ишке ашырышын колдойбуз» («Reuters», «Algerian Sunrise», 2019.03.12.). Бирок, Америка өкүл Бутефликанын токтомуна түшүндүрмө берген жок. Америка бул токтомду колдобой тургандыгына жана шайлоо мөөнөтүн жылдырууга каршы экендигине ишаара берген көрүнүштө аны билмексенге салды.

Америка гезиттери Бутефликага каршы экени ачык-айкын болду. Бутефликанын токтому чыгары менен эле ага каршы позицияда «New York

Times» гезититинин митингчилер арасындагы кабарчысы Алжир оппозициясы Бутефликанын бул кадамдарын айыптап, аны элди алдоо катары санап жаткандыгын жарыялады. Ошол эле маалда «Washington Post» гезити Бутефлика өз мөөнөтүн узартууга аракет кылып, бийликти өткөрүп ордун бошотуудан качып жатканын эскертти. Мына ушундайча негизде Америка Бутефлика менен бирге эмес позициясын гезиттери аркылуу ачыка чыгарды. Америка Алжирге таасирин киргизип алуу аракетинде митингдерди өз кызыкчылыгына пайдаланууга аракет кылып жатат. Биз жогоруда айтып өткөндөй, Америка ар бир өлкөдө ар кандай окуялардан өз максатына жетүү үчүн пайдаланууда. Ал Алжир элинин кызыкчылыгын ойлоп аракет кылган жок, себеби алардын кызыкчылыгын ойлосо – түздөн-түз болобу, же ыңкылаптар аркылуу болобу, же шериктеш мамлекеттер менен биргеликте болобу, же берилген малайлары аркылуу кылабы, айырмасыз – Миср, Ирак, Сомали, Сирия, Ооганстан ж.б. өлкөлөрдүн калкын кордомок эмес.

– Франция: Франциянын позициясы эки анжы, бирде Бутефликаны колдосо, бирде ага каршы позицияда болду. Ал Британия менен тирешпестен, акырын жылчып кирүүнүн ыңгайлуу учурун издеп жатат. Франция Алжирдеги окуяларды кудум өз жеринде болуп жаткандай күзөтүп жатат. Анткени, ал Алжирди мурунку колониясы катары, өзүн анын осуятчысы катары санайт! Франция ТИМи 2019-жылы 4-мартта мындай деди: «Париж Алжир мамбашчысы Абдул Азиз Бутефликанын апрелде өтө турган президенттик шайлоодо талапкерлигин койорун эске салды. Шайлоо ачык-айкын өтүүсүнө үмүт артат». Ал дагы мындай деди: «Кимди мамбашчы кылып шайлоо тандоосу Алжир элинин колунда. Алжирдин келечегин тандоо Алжир элинин колунда» («Рейтер», 2019.03.04.). Франциянын тышкы иштер боюнча мамкатчысы Батист Ле Мойн «Radio France International» берген маегинде мындай деди: «Алжир бийлиги жаштардын митингдерди кылуусуна жол берүүсү керек. Франция жаштардын тынчтык жолу менен өз каалоолорун билдирип жатканына күбө болууда жана алардын өз

каалоолорун билдирүүлөрүнө чакырабыз». Бирок, Бутефлика өз токтомун чыгарганда Франция мамбашчы Макрон аны колдоорун билдирип мындай деди: «Алжир мамбашчы Абдул Азиз Бутефлика өзүнүн бешинчи мөөнөткө бара турган талапкерлигин алып салуусу Алжир тарыхы үчүн жаңы баракты ачат». О.э. ал «Акылка сыярлык өткөөл мезгилге» чакырып мындай деди: «Бул өткөөл мезгилде биз достук жана урматтоо менен колдон келген жардамыбызды Алжир элинен аябайбыз». Франциянын ТИМи Ле Дриан Бутефликанын Алжирдин саясий түзүмүн жаңылоо жаатындагы кадамдарын кубаттоосун билдирди» («Радио Алжир», 2019.03.12.).

Ушулардан көрүнүп тургандай, Франция бир туруп митингчилерди колдоого алса, ошол эле маалда Бутефликага карата чагымчылык кылбай, анын токтомун да кубаттады. Анткени, бул эки нерсеге таянат: биринчиси, бийликти капа кылып козутпай жеңил жол менен кийлигишүү. Экинчиси, Бутефликага каршы Америка менен бир катар болуп калуудан кыйгап өтүп, зарыл учурда өзүн Европанын бир бөлүгү катары көрсөтүүгө аракет кылууда. Эгер, Франция Алжирде Британиянын ордун баса алууга кудурети жетпей калса, анда Алжирде Америка таасиринин ордуна Британиянын таасири улануусун абзел көрөт.

Ал эми, Франциянын гезиттерине келсек, 2019-жылы 2-мартта «Франция 24» Франция гезиттеринин макаласын жарыялады, «Liberation» мындай дейт: «Алжир жаштары коомдук адилетүүлүккө жетүүгө жана өзгөртүүгө, айрыкча, Бутефликадан башка президентти билбегендерди өзгөртүүгө өтө ашык болушууда». Бул француз гезити дагы мындай деди: «Алжир жаштары мурункулардын кесепеттерин алар эмнеге көтөрүшү керектигин түшүнө албай жатышат. Бул жаштар чыныгы жасалма президенттин артына жашынган режимдин саясий өкүмдарлыгынан көбүрөөк нерсеге татыктуурак». Ал эми «Le Figaro» гезити Алжирдеги митингдер тууралуу «Алжир бийлигине каршы күчтүү митингдер толкуну» деп аталган макала жарыялады. Гезит мтингдерге «саясатчылар, Эркиндик

партиясынын лидери Али бин Флис, президенттикке талапкер Рашид Нказ, мурунку өкмөт башчы Ахмед Бен-Битур, Бутефликаны биринчи мөөнөтүндө өз кызматтынан кетип калган маданият министири Абдел Азиз Рахаби сыяктуу саясатчылар» катышып жаткандыгын жазды. («Франция 24», 2019.03.02.).

7 – Британия: Британия эч бир расмий билдирүү чыгарган жок. «Би-Би-Си» Британия радиосу Алжирдеги минтигдерге карата басым кылып чагылдырбастан, жөн гана үстүртөн чагылдырды. Британия гезиттери Бутефликанын иштерин сынга алган жок жана митигчилерди да колдогон жок. Ошондуктан, мындан көрүнүп тургандай Британия Бутефлика менен бирге жана аны колдоого алып жатат. Анын бийликтен кулап калышын каалаган жок. Ошондуктан, ал өзүнүн маалымат каражаттары аркылуу Түркия, Миср, Судандагы митингдерде өзүнө ыктаган малайларынын билдирүүлөрүн байма-бай басымдуу чагылдырып жана ал жердеги бийликтин зулумун сынга алып, элдерди бийликке каршы багыттагандай, Алжирде элди бийликке каршы багыттаган да жок. Мындай нерселерди Алжир митингдеринде чагылдырган жок. Ушундан билинип тургандай, Британия Алжирде Бутефлика жана анын чөйрөсү кылып жаткан иштерге көңүлү тынч. Анын кара өзгөй саясатына ылайык, ал өз малайлары бийликтен кол жууп калбастыгы үчүн биринчи катарга чыкпастан тымызын ишин улантууда!

**8 – Суроолор үчүн жыйынтык төмөнкүдөй:**

а) Митингдер саясий жана экономикалык адилетсиздиктен улам, Бутефлика, анын чөйрөсү бийликти, байлыкты бүтүндөй ээлеп алуусу себептүү өз-өзүнөн табигый келип чыкты. Бутефлика тыңыраак баса албай, оңдуу сүйлөй албай жатып бешинчи мөөнөткө баруу айласын таппай төртүнчү мөөнөтүн узартуу аракетинде, ошондой эле анын саясий чөйрөсү өздөрүнүн каалоолоруна ылайык баш мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизишти. Ал жана анын саясий чөйрөсү жемкордук менен байлык топтоо камында.

Алжир өзгөчө мунай жана газга бай болуп туруп элдер жакырчылыкта, кембагалчылыкта жашоо кечиришүүдө. Ал тургай, зарыл муктаждыктарына жете турган нерселерди да сатып ала алышпаган деңгээлге түшүп кетишти, жумушсуздук өз чегинен ашты. Бутефлика жана анын саясий чөйрөсү чет элдик компаниялар менен биргеликте элдин байлыгын тоноо аракетинде. Анын натыйжасында адамдар кыйын жашоо запкысын тартышууда.

б) Бутефлика өлсөм да бийликтен кетпейм деген негизде бийликке жармашып алды. Армия аны колдойт, ошондой эле британиячыл саясий чөйрө да аны колдойт. Анткени, Британия саясий чөйрөдө таасирге ээ. Ошондуктан, ал саясий чөйрөнү сактап калуу аракетинде. Алжирде өзүнө ыктаган малайлардын бийликке калуусу Британиянын Түндүк Африка боюнча иштеринде Америкага каршы туруу үчүн маанилүү. Алжир Ливияда Америка малайы Хафтарга каршы турат, Америка тарабынан колдоого алынган «Полисарио» кыймылын ооздуктоого салым кошот.

в) Франция Алжирде саясий, сакофий, экономикалык жактан колонизаторлук кызыкчылыгы бар, илгерки Алжирди колония кылып келген дымагы аны шыкактап турат. Америка таасири жайылышына каршы турууда 1965-жылдагы Бумедьен ыңкылабынан бери Алжирде Британия таасири орногон жана Франция Британия менен ымалага келишип алган, ошондой эле, Батыш колонизаторлугунан кутулуу үчүн умтулуп, Ислам адилетүүлүгүн орното турган туура жолдогу Халифалык мамлекеттин тикелөөгө аракет кылган мусулман өлкөлөрүндөгү кыймылдарга да биргеликте каршы туруу үчүн келишип алышкан. 1992-жылы франциячыл саясатчылар төңкөрүш жасашты, натыйжада жүз миңдеген адамдар өлүп, Алжирдин боштондугу үчүн күрөштө миллиондогон алжирликтерди кыргын кылган Францияны эске салды. Ага карабастан, каршылык толкунун тизгиндөө үчүн франциячыл саясатчылар митингдерге катышты, бирок, айтып өткөнүбүздөй, этияттык менен аралашышты....

г) Америка митинг кырдаалынан пайдаланып Алжирге башын тыгып алууну көздөп жатат. Ал өзү жамандыктын жарчысы болуп туруп өзүн адилетсиздикке, тирандарга каршы туруучу жана адам укуктарын сактоочу катары көргөзөт. Тескерисинче, аны зулум, адилетсиздик, тирандык эч качан тынчсыздантпайт. Ал тургай, ал өзү зулум менен адилетсиздикти жер жүзүнө жаят, айрыкча, мусулман өлкөлөрүндө тиран түзүмдөрдү колдоого алат. АКШ Саудияда Салманды жана анын баласын колдоого алды, Мисрде канкор Сисини, Иракта Ирак режимин колдоого алды, Сирияда түздөн-түз жана кыйыр түрдө малайлары, шериктештери аркылуу зулумду жайды. Американын камы Алжир элине жардам берүү эмес, тескерисинче ал Батыш Африка жана Сахара түштүгүндө Франция таасирин сүрүп чыгып, анын ордун ээлеп алуу максатында Алжирде өзүнө караштуу атайын бөлүктөрү үчүн түзүлгөн «Africom» куралдуу күчтөрүнүн базасын жайгаштырууну жана ал аркылуу Алжирге таасир өткөрүүнү каалап жатат. Американы Алжир байлыктарына ээлик кылып калуудан бөлөк, Хафтардын Ливия батышын көзөмөлдөөсүнө Алжир тоскоолдук жаратап жатканы кыжаалат кылып жатат.

д) Ал эми, Алжир эли болуп жаткан окуяларды толук кандуу аңдай алышат. Алар «Биздин мамбашчыны Вашингтон же Париж эмес, биз тандашыбыз керек» деген урандарды көтөрүп чыгышты. Ошондуктан, алар чет элдик кийлигишүүлөрдү, алардын максаттарын аңдай алышат. Алжир элинин колонизатор мамлекеттер өзүлөрүнүн жемкор малайларынын артына туруп, алар менен биргеликте кылган кылмыштарын анык сезе алышат жана бул жаатта чоң тажрыйбаны баштарынан өткөрүшкөн. Алар өзгөрүүгө карай умтулуп жатышат, Исламдын келишине аракет кылышууда. 1991-жылы Исламды бийликке алып келебиз дегендерди элдин 84%ы шайлаган. Жума намазынан кийин мечиттерден агылып чыккан миллиондогон адамдардын жүрүш кылуусу элдердин арасында Исламий туйгу канчалык экендигин

көргөзүп турат. Митингдерде катышып жаткан илманийлер мечиттердеги намаз окуган мусулмандардын ири агымына нааразылык билдиришти.

е) Бул кыймылдан күтүлө турган натыйжага келсек, Алжирде негизги токтомдорду кабыл алуучу саясий чөйрө - бул британиячыл саясий чөйрө. Ал эми, французиячыл саясий чөйрө жокко эсе, айрыкча Бутефлика бийликте туруп жыйырма жылдан ашык өкүм жүгүзгөн мезгилде французиячыл саясатчыларды негизги токтомдорду кабыл алган чөйрөдөн бир топ алыстатып койгон. Ошондуктан, алар британиячыл саясий чөйрө менен негизги эмес маселелерде гана шериктеш иш алып баруу үчүн гана жарышат. Алардын мындан аркы абалы учурдагы митигдерден кандай ийгиликтүү пайдалана алышат, ошого жараша болот.

Ал эми, Американын Алжирде таяна турган саясий чөйрөсү жок. Ал адатынча мындай учурда армияга ыктайт. Бирок, азыр армия бийликти кубаттап жатат. Башкача айтканда, учурдагы митингдер Британияга малай саясий режимди Францияга же Америкага буруп жибере турган деңгээлде эмес.

ё) Ал эми, Бутефлика дагы бийликте кала береби же жокпу дегенге келсек. Ал учурда өкүм жүргүзө ала турган абалда эмес, өкүмдү анын айланасындагы британиячыл саясий чөйрө жүргүзөт. Каршылык митингдери күчөшү чындыктан алыс эмес, эгер толкундоо күчөп мунай жана газ тармагына коркунуч жаралса, Британия адатынча кара өзгөй саясий айлакерлигине салып Бутефликаны бийликтен кетирүүгө ыктайт. Башкача айтканда Британия бир Бутефликаны кетирип, өңү-жүзү башка, тили сайраган башка бир Бутефликаны бийликке алып келет!

ж) Бирок, режим Аллахтан жана Анын Расулунан алыс болсо, элди кыйынчылыктан чыгарып жыргал жашоого алып келбейт. Зулум жана жемкордуктун башаты болгон Батыштын капиталисттик түзүмү өкүм жүргүзгөн жерде эч качан кембагалчылык, жакырчылык, жумушсуздук жоюлбайт. Тескерисинче, көйгөйлөр, кыйынчылыктар кемчиликсиз

Аллахтын түзүмү менен гана чечилет. Көпчүлүгүн мусулмандар түзгөн каршылык митингдериндеги элдер өз көйгөйлөрүн «Пайгамбарлык жолундагы Халифалык мамлекетин» тикелөө аркылуу чечүүгө аракет кылуулары лаазым. Халифалык менен гана бул дүйнө жана акырет бакытына кайтышат. Дүйнөнүн булуң бурчуна адилетүүлүк нуру жайылат, бактысыз жашоого чек койулат. Аллах айтат:

﴿فَمَنِ اتَّبَعَ هُدَايَ فَلَا يَضِلُّ وَلَا يَشْقَى * وَمَنْ أَعْرَضَ عَنْ ذِكْرِي فَإِنَّ لَهُ مَعِيشَةً ضَنْكاً﴾

***«Ким менин хидаятыма ээрчисе ал адашапайт жана бактысыз да болбойт. Ким менин зикиримен жүз үйрүсө ага машакаттуу жашоо болот»*** [20:123-124]

**12-ражаб, 1440-х.**

**21-март, 2019-м.**

**Алжир менен Марокко ортосунда мамилелердин чыңалуусу**

**Суроо:**

*Акыркы убакта Алжир менен Марокконун ортосундагы мамилелерде чыңалуу күч алды. Алжир Мароккону токойлорду өрттөөдө жана сепаратисттик кыймылдарды колдоп жатат деп айыптап, дипломатиялык мамилелерди үзүп, аны менен болгон чек арасын жаап салды. Алжир Марокко аркылуу Испанияга жаратылыш газын жеткирүү келишиминин узартпастыгын жарыялап, аны үч алжирликти өлтүрдү деп айыптады. Бул экөө бир тарапка – Британияга берилгендиктери менен белгилүү болуп туруп, экөөнүн ортосунда мындай чыңалуунун күчөшүнүн себептери эмне? Бул чыңалуудан эмне күтүлөт? Бул кырдаал согушка чейин курчушу мүмкүнбү же кайрадан тынчып кетеби?*

*Сизден Аллах ыраазы болсун.*

**Жооп:**

Алжир менен Марокко ортосундагы мамилелерди карап чыгуу аркылуу бул суроолорго жооп болот:

1 - Аллах хижраттын биринчи кылымында Магрибге Ислам нематын берген. Анын жакшы адамдары өз ыктыярлары менен Исламга кирип, туусун көтөрүп, анын жолунда жихад кылышты. Алардын өлкөлөрү Халифат мамлекетинин курамындагы вилаяттарга айланды. Колонизаторлор Халифат мамлекетинин алсыздыгын сезгенде аны басып алууну башташты. Француздар 1830-жылы Алжирди басып алып, аны Франциянын бир бөлүгү деп жарыялашты. Ошентип, анын эли баскынчыларга каршы турду. Колонизаторлор аларды исламий өзгөчөлүгүнөн ажыратып француздарга айландыруу максатында ар кандай зулумдуктарды жана кордуктарды колдонуп, Алжирдин миллиондогон калкын өлтүрүштү. Бирок, алар эч кандай жакшылыкка ээ болушкан жок, алар 1962-жылы кор абалда өлкөдөн чыгып кетишти. Мужаахиддер Марокко элинен колдоо алып турушкан... Мароккого келсек, француздар 1912-жылдан 1956-жылга чейин француздук протектораттык (камкорчу) келишимдин атынан ага өз көзөмөлүн киргизген. Ал жерге колонизатор менен бирге жүрө турган Батыш үлгүсүндөгү монархияны орнотту.

2 - Колонизатор Франция Алжирден кеткенден кийин, анын президенти Ахмед бин Белла Американын Алжирдеги таасирин кеңейтүү үчүн революциячыларга колдоо көрсөтүп жаткан Абду Наасирдин доорунда Египет режими аркылуу Американын колдоосуна ээ болуп турду. Ошентип, колонизатор менен колонизатор орун алмашты. 1963-жылы Алжир менен Марокконун ортосунда кагылышуу болуп, ал "Кум согушу" деп аталган, ал чек ара чатагы болду. Бен Белла башында турган Алжир режими Америка менен байланышта болгон үчүн бул колониялык күрөштүн бири болгон. Марокко 1961-жылы Хасан II бийликке келгенден бери Британия менен байланышта. Ошентип, малайлар Аллахтан, Расулунан жана момундардан уялбастан, ээрчиген колонизатор өлкөлөрү үчүн бири-бирине каршы согушат.

3 - Бирок, Британия 1965-жылы Хасан IIнин учурунда Марокко аркылуу Алжирде мамлекеттик төңкөрүш жасап, малайы Хуари Бумедьенди алып келди жана Американын малайы Ахмед Бен Белланы бийликтен кулатты. Анын артынан Алжир менен Марокко ортосунда жакшы мамилелер түзүлдү. Британия Мароккодогудай эле Алжирдин Бумедьенге баш ийүүсүнө кепилдик бергенден кийин, эки өлкө чек араларды жана жакшы коңшулаштыкты эки этапта, 1969-жылы жана 1972-жылы демаркациялоо (чектеш аймакты аныктоо) боюнча келишимге кол коюшкан. Муну менен алардын ортосундагы чек ара чатагы токтоп калган. Алар колонизатор каалагандай көз каранды эмес улуттук мамлекетти сактап калууну тастыкташты. Бирок, 1976-жылы Марокко Алжир Америка артында турган Полисарио фронтун тааныганына нааразы болуп, ал менен мамилесин үзгөн. Алжир режими, Марокко режими сыяктуу эле, Британияны ээрчийт. Бирок, Британия Алжир Полисариону өз көзөмөлүнө алып, аны лагерлерде жана чакан аймакта курчоого алуусу үчүн, ошондой эле Марокко Сахарасында Американын атынан бир мамлекет түзүшүнө жол бербөө максатында Мараккодогу малайларын колдоп андагы таасирин сактап турат.

4 - Андан кийин 1989-жылы Марокко, Алжир жана Тунис ортосунда Магриб биримдиги түзүлгөнү жарыяланды. Анын пункттарынын арасында Магриб союзуна мүчө болгон мамлекеттердин ар биринин көз карандысыздыгын сактоо камтылган. Бул келишимге жакындашуу жана ага киришүү макстында ал 1988-жылы Алжир менен Марокко режимдеринин ортосунда дипломатиялык мамилелер калыбына келтирилгенин жана бир нукка салынгандыгын жарыялаган. Алжир Полисарио фронтун өз кучагында сактап калуусуна Марокконун макулдугу менен жетишилген келишим. Бул кучагында сактап калуудан көздөлгөн максатка жетүү үчүн болгон. Башкача айтканда, Америка Марокконун Батыш Сахарасында мамлекет түзүшүнө бөгөт коюу жана Марокко режиминин кулатылышына жол бербөө. Бирок, Британия – Американын аймактагы таасири күчөшү жана Американын

аймактык, эл аралык үстөмдүгү себебтүү, ошондой эле Британиянын долбоорлоруна тоскоол болуу жөндөмүнөн улам – өзүнүн Магриб биримдиги долбоорун же башка долбоорлорун ишке ашыра алган жок...

5 - 1991-жылдын аягында Алжирде шайлоолор өттү. Алжир калкы өздөрүнүн динине карата өз пикирлерин жана Ислам менен башкарууну каалоолорун билдирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. "Исламды куткаруу фронту" добуштардын 82% жакынын алды. Секулярдык армиянын лидерлери, өзгөчө Алжирдеги француз маданиятынын интеллигенттери президент Шадли Бенджедид бул исламий фронттун 1992-жылдын башында шайлоолорго киришине уруксат бергендиги үчүн ага каршы төңкөрүш жасашты жана аны кызматтан кетүүгө мажбур кылышты. Төңкөрүш лидерлери төңкөрүштү четке каккан жана өз өлкөсүн чыныгы Ислам динине ылайык башкаруу укугунан ажыратылган Алжир элине каршы кыргындарды жасай башташты. Эгер, төңкөрүш лидерлери өлкөдөгү кыргындарды кылбаганда Алжир режиминин лоялдуулугу Францияга дээрлик бурулмак, бирок Британия мындан пайдаланып, мурдагы төңкөрүштүн лидерлеринин позицияларын сактап, аларды сот Жоопуна тарттырбоо мукабалына (ордуна) Британия малайы Абдулазиз Бутефликаны 1999-жылы өлкө башчылыгына кайтара алды. Мына ушундай болду б.а. Алжир Британиянын колтугуна кайтып келди. Бутефлика өз милдетин Марокко менен карым-катнаштарын калбына келтирүү үчүн иштөө менен баштады. Бутефлика 1999-жылы Хасан IIнин тажиясына катышуу үчүн Мароккого барды. Жаңы падыша Мухаммед VI атасынын жолун улап Британияга баш ийүү мамилесин ээрчиди. Эки режимдин ортосундагы мамиленин жакшырганынын белгилери 2005-жылы көрүндү. Эки режим эки өлкөнүн кызыкчылыгынан мурда Британиянын кызыкчылыгын биринчи орунга койуп, экөөнө тең чийип берилген ролдорго ылайык Британия кызыкчылыгына кызмат кылууда жандашып иш алып барышты!

6 - Бул абал эки мамлекеттеги акимдердин чыныгы жүздөрүн ачып берген сезимтал ички шарттар пайда болгонго чейин уланды. Бул болсо, адамдарды ички абалдан алагды кылуу үчүн, эки өлкө ортосунда сырткы проблемаларды ойлоп чыгарууну талап кылды. Ошондуктан, эки өлкө ортосундагы бул талаш-тартыш жана кызуу тиреш ойлоп чыгарылган! Бул шарттарды карап чыгуу менен төмөнкүлөр айкын болот:

А. Алжирдеги кырдаал тынчыган жок, 2019-жылы кыймыл башталгандан бери коогаландуу абалда турат. Жаңы президенттик жана парламентик шайлоолор болуп өтүп, конституцияга өзгөртүүлөр киргизилсе да... Алжирде ички чыңалуу жогору бойдон калууда. Бул нерсе Алжирдеги жаңы режимге ар дайым кысым көрсөтүүнүн булагы болуп калды. Демек, режим элдин көңүлүн ички бурчтан тышкы бурчка буруу үчүн, өзгөчө Марокко менен тышкы тирешүүлөрдү жаратышы керек болчу. Анан Марокко менен болгон окуялар жүз берди... Бул бир жагынан, экинчи жагынан болсо Алжир Марокко менен эскалацияга баруу аркылуу туруксуз ички шарттардан жабыр тарткан өзүнүн салыштырмалуу төмөндөп бараткан регионалдык позициясын кандайдыр бир негизде калыбына келтирүүгө умтулууда...

Б. Мароккого келсек, анын ички шарттары да өтө курч, марокколуктарды ички көйгөйлөрдөн жана Палестина жерин басып алып жаткан яхудий мамлекети менен болгон мамилелерин нормалдаштыруудан алагды кылууга умтулууда – анткени бул Аллахка, элчисине жана момундарга эң касташкан душман болгон яхудий мамлекети менен болгон достук жана моюн сунуу негизинде түзүлгөн мамилелер – ошондуктан Марокко режими элдин назарын ички көйгөйдөн сыртка бурууга өтө ынтызар болду. Марокко режими яхудий вужуду менен болгон карым-катнашын бардык тармактарда бекемдөөдө чектен чыгып кетти. “Израилдин” Коргоо министрлиги мындай деди: “Жөөттөрдүн коргоо министри Ганц жана Марокконун улуттук коргонуу боюнча премьер-министрдин делегаты

Абдуллатиф Лаудийи өз ара түшүнүшүү боюнча коргонуу меморандумуна кол коюшту... Келишим эки өлкө ортосундагы коргонуу мамилелерин расмийлештирип, келечектеги ар кандай кызматташууга бекем негизди түзөт. Келишим эки өлкөнүн коргонуу мекемелерине чалгындоо, өнөр жай кызматташтыгы, аскердик даярдык жана башка тармактарда кызматташууну кеңейтүүгө мүмкүндүк берет...". The Times of "Israel" маалымат сайты: "Бул – "Израиль" менен араб өлкөлөрүнүн ичинен бир араб өлкөсүнүн ортосундагы мындай биринчи келишим"... “Анадолу” агенттиги 24.11.2021. Марокко режими бул кемсинүү жана басынуусун Трамп Батыш Сахарада Марокко автономиясын таануу декларациясын жарыялаганынын үчүн болууда деп актанды: “Бүгүн мен Батыш Сахарадагы Марокконун суверенитетин тааныган декларацияга кол койдум. Марокконун автономия боюнча олуттуу, реалдуу жана чынчыл сунушу, туруктуу тынчтыкка жана өнүгүүгө жетишүү үчүн адилеттүү чечимдин бирден-бир негизи болуп саналат!”. ( Аль-Сахифа, 10.12.2020). Бул далилге коошпой турган жана күнөөдөн да жаман шылтоо... Ошондуктан, Марокко да яхудий вужудуна болгон кордугунан жана басынуусунан көңүлдөрдү буруу үчүн өзгөчө Алжир менен тышкы көйгөйлөрдү жаратышы керек болчу!

Ошентип, окуялар бир калыпта тутана баштады, тескерисинче, эки режим үчүн маанилүү болгон нерсе – бул эки режимдин ички абалындагы көйгөйлөрдөн жана каапыр Батыш колонизаторлугу менен кол кармашып карышма-карыш бирге жүрүп жасаган күнөөлөрүнөн, кылмыштарынан элдин назарын тышкы көйгөйгө буруу! Бул окуялардын кээ бирлерин карап чыгуу төмөнкүлөрдү көрсөтөт:

- Алжирдин Тышкы иштер министрлиги 2020-жылдын май айында Алжирдин Оран шаарындагы Марокко консулу Алжирди душман өлкө деп сыпаттаганына наразылык билдирүү үчүн Марокконун элчисин өзүнө чакырып, консулдун өзүн персона нон грата деп эсептеген.

- 2020-жылы 13-ноябрда Гергерат чек ара аймагында Марокко армиясы Мавритания менен болгон чек ара бекетинен жүргүнчүлөрдүн өтүшүнө тоскоол болгон Сахара демонстранттар тобун кууп чыгарды. Кийинчерээк Алжир Марокколук аскерлерди чыгарып кетүүнү талап кылды.

- 2021-жылы 15-июлда Марокконун Бириккен Улуттар Уюмундагы элчиси Алжирдеги Кабыл (уруулар) элинин көз карандысыздыгын талап кылды. Алжир Мароккодогу элчисин кеңешүүгө чакырды. 2021-жылы 23-июлда Алжир Марокко жөөттөрдүн Pegasus шпиондук программасын өз аткаминерлерине каршы колдонуп жатат деп айыптады, Марокко бул дооматты четке какты.

- Айман ибн Абду Рахман башында турган жаңы Алжир өкмөтү түзүлүп, анын биринчи жыйыны 2021-жылдын 25-июлунда өткөндөн бери Алжирдин тышкы саясаты Алжир өкмөтү токойдогу өрт кризисин жөнгө салуу учурунда Мароккого болгон мамилесин курчушун көрсөттү. Алжир Марокко өлкөнүн түндүгүн каптаган өрткө катыштыгы бар жана Алжир тарабынан өрттөөчү деп айыпталып эки жикчил уюмга колдоо көрсөткөн деп айыптады.

- Яхудий тышкы иштер министри Мароккого иш сапары менен келди. Бул учурда 2021-жылдын 11-августунда Алжир Мароккону Иран менен жакындашууга барып, яхудий вужудуна каршы козутуусу Алжир менен Марокконун ортосундагы мамилени ого бетер курчутууга алып барды деп айыптады.

- 2021-жылдын 24-августунда “Алжирдин тышкы иштер министри Рамтан Ламамра Марокко менен мамиле үзүлгөнүн жарыялады. Ал мындай деди: “Марокко Королдугу 1962-жылы Алжир эгемендик алгандан бери биздин өлкөгө каршы достукка жатпаган, душмандык жана жийиркеничтүү иш-аракеттерди жасоону эч качан токтотпогону тарыхта далилденген...”. (AFP 24.08.21.). 22.09.21 Алжир Марокконун бардык аскердик жана жарандык учактары үчүн өзүнүн аба мейкиндигин жапты...

31.10.2021 Алжир маалымат агенттиги мындай деп билдирди: “Алжирдин президенти Абдулмажид Теббун “Сонатрач” улуттук компаниясына Марокко менен соода алакасын токтотууга жана жаратылыш газын Испанияга Марокко аркылуу жеткирүү келишимин узартпоого буйрук берди, бул келишим 2021-жылдын 31-октябрында түн жарымында аяктайт”. Ал муну Марокко Королдугунан Алжирге карай агрессивдүү мүнөздөгү “практикаларына” каршы туруу деп актанды.

- Алжирдин жарыясынан кийин дароо эле Марокконун электр жана ичүүчү суу боюнча улуттук бюросу “Алжир бийлиги тарабынан жарыяланган Магриб-Европа газ кууру боюнча келишимди узартпоо чечими азыркы учурда улуттук электр системасы аркылууу газ куруунун аткарылышына анча деле таасир этпейт” деп жарыялады... Ал эми Марокко орто жана узак мөөнөттүү келечектеги туруктуу альтернативалардын башка варианттарын караштырат”... (BBC, 31.10.21).

- Алжирдин президенттик кеңсеси 03.11.21 күнү Мароккону үч алжирдик айдоочуну Мавританиянын борбору Нуакшат менен Алжирдин түштүгүндөгү Уаргла шаарынын ортосунда бара жаткан коммерциялык жүк ташуучу унааларды бутага алуу менен өлтүрдү деп айыптаганын жарыялады. “Алжир 3-ноябрь 2021-жылы Батыш Сахара менен Мавританиянын чек арасында Марокконун жардыруусунан үч жараны каза болгонун билдирди. Алжир бул адамдардын өлтүрүлүшү "жазасыз калбайт" деп убада берди”. (Deutsche Welle, 03.11.21). AFP кабар агентиги: “Алар өткөн дүйшөмбүдө, 01.11.21 өлтүрүлгөн”, ал эми Марокко муну четке какты... (AFP, 03.11.21.)

8 - Бул окуялардын жана андан келип чыккан кесепеттерге терең назар салып караган адам эки өлкө ортосунда жүз берип жаткан окуялардын көбү сүйлөшүүлөр жана талкуулар менен чечилерин, ошондой эле байланыш үзүлүп же жүк ташуучу унаалар жана учактар токтоп калбастан, ал тургай газдын өтүүсүнө күбө болот! Башкача айтканда, маселелер сүйлөшүү жолу аркылуу жолго койула берет. Мындан максат ички көйгөйдөн элди

алаксытуу гана! Айрыкча бул эки режим бир колонизаторго – Британияга лоялдуу болгондуктан ушундай. Аларды бул колонизатор үчүн ар кандай ролдорду ойноого түрткөн ошол. Ошондуктан, бул пикир келишпестиктерге карабастан Түндүк Африка регионунун маселелери боюнча алардын позициялары бирдей. Ливия маселесине байланыштуу болобу же Тунис маселеси болобу, айырмасы жок, алардын көз карашы бирдей. Бул аймактык маселелер боюнча алардын ортосунда эч кандай келишпестиктер жок. Аларга Британия башка малайларын кандай ролду аткарууну тапшырганы сыяктуу эле буларга рол тапшырганына жараша бир жерде келишпестиктерге барышса, башка жерде бир пикирде иш кыла беришет. Мисалы, Катар менен БАЭ сыяктуу. Британия алардын ар бирине роль берет. Кээде анын кызыкчылыктары аларды элдештирүүнү талап кылат, алар ошого жараша маселени элдешип чечип алышат. Ал эми, кээде анын кызыкчылыгы алардын келишпестиктерге баруусун жана ар бирин башка Америкага малайлык кылган өлкө менен жандашып иш алып баруусун талап кылат! Марокко менен Алжирдин ортосундагы ролдорду бөлүштүрүү ушул сыяктуу эле. Ливия жана Туниске байланыштуу иштерде Британия кызыкчылыгына жараша алардын шайкештиги көрүнүп турат. Ошол эле маалда экөө талашып тартышып жаткан да учуру!

9 - Мындан эмне күтүлөт? Азыр алардын ортосунда согуштун чыгышы күмөн. Анткени, ортодогу чыңалуу себептери өздөрүнүн реалдуулугуна ылайык оң себептер эмес. Бирок, Алжир президенти үч алжирликтин өлтүрүлүшүн комментарийлеп, “Бул окуя жазасыз калбайт” деп айткан билдирүүсүнө байланыштуу, жүзүн сактап калуу максатында кыска мөөнөткө атышуулар болоору да жокко чыгарылбайт. Мындай болуп кетиши эгер эки тарап тынчтыкты калыбына келтирүү үчүн Британиянын компромисстик ыкмасы менен сүйлөшүүлөргө жана өз ара түшүнүшүүгө барбаса болуп кете турган иштерден. Бирок бул эки тарап тең ички көйгөйлөрүн сезгенден кийин (Марокко яхудий вужуду менен алакаларды

нормалдаштыруусу. Алжирдин жаңы режимине каршы элдик нааразылык) эки өлкө элин толкундоосун алдын ала алса келишпестик маселесин Британия жолу аркылуу чечип алышат! Тактап айтканда, эки режим элдин назарын ички көйгөйдөн тышкы көйгөйгө каратуу максатына эки өлкө отосунда ойлоп чыгарылган эскалация себебинин жок болушу.

Жыйынтыктап айтканда, Ислам дүйнөсүндөгү бардык режимдердин өз ролдорун колонизатор мамлекеттерге моюн сунуу менен бөлүштүрүлүшү жана колониялык кызыкчылыктардын талабына жараша ролдордун бөлүштүрүлүп жаткандыгы абдан кейиштүү. Бул ролдор мусулмандардын бөлүнүп-жарылышына жана колония доорунан мурункудай Исламды ишке ашырган бир мамлекетте биригүүсүнө каршы иштейт... Бул абал мусулмандардын ортодогу ынтымакты калыбына келтирүүсүн жана алар бир мамлекетке биригүү үчүн аракет кылууларын важиб кылууда. Мусулмандардын ортосундагы карама-каршылыкты жок кыла турган чыныгы нукура Ислам менен өкүм жүргүзө турган туура жолдогу Халифалыкты тикелөөнү ваажиб кылууда.

Аллах айтат: “Албетте, момундар бир туугандар” [Хужрат:10]

Ан-Нуамиман ибн Баширдин (Аллах андан ыраазы болсун) айтты, Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын салам-салаваты болсун) айтты:

« مَثَلُ الْمُؤْمِنِينَ فِي تَوَادِّهِمْ وَتَرَاحُمِهِمْ وَتَعَاطُفِهِمْ مَثَلُ الْجَسَدِ إِذَا اشْتَكَى مِنْهُ عُضْوٌ تَدَاعَى لَهُ سَائِرُ الْجَسَدِ بِالسَّهَرِ وَالْحُمَّى ».

“Момундардын бири-бирине болгон сүйүүсү, ырайымдуу мамилеси жана боорукердиги бир дене сыяктуу. Эгер, анын бир жери ооруп калса, бүт денеси уйкусуздук жана ысытма менен жооп берет”. (Муслим риваяты).

**14-жумаадил уула, 1443-х.**

**18-декабрь, 2021-ж.**

**Араб жазы боюнча суроого жооп**

**Суроо**: *Жүз берип жаткан окуялар жараянында бир канча бүдөмүк иштер бар:*

*1 – Белгилүү болгондой, Миср жана Тунистеги окуялар өз-өзүнөн башталды жана биз аларды мубарек интифаза (козголоң) деп атадык. Ливия жана Йеменде да демонстрациялар абдан үлкөн, массалык түрдө башталды. Эмне үчүн «ыңкылапчы» интифазачылар Тунис жана Мисрдеги режимди «пластикалык операция» жасоо менен гана чектелишти? Себеби, «ыңкылапчылар» кудум «раундда» жеңип чыккандай болушту, бирок режим кандай болсо, ошондой боюнча калды, жада калса, Миср жана Тунистеги режимдин көз карандылыгы да өзгөргөн жок. Эмнеге андай болду?*

*2 – Тунис жана Мисрде окуялар кандайдыр бир деңгээлде тездик менен өзгөрдү. Бирок «инфекция» Ливия жана Йеменге көчкөндө маселе созулуп кетти. Эмне үчүн мындай айырмачылык орун алган?*

*3 – Массалык маалымат каражаттары өткөн үч күн ичинде: «Европа (Британия менен Франция) Ливияга аралашууга кызыкдар, ошондуктан Ливиянын үстүнөн самолёт учушуна тыюу салуу долбоорун даярдап жатат, Америка болсо, өзүн четке алууда же экиленүүдө!» деп кабар таратты, дагы эле ушундай кабар таратууда. 2011-жылы 9-мартта Франция Ливиядагы убактылуу улуттук кеңешти моюнга алганын жарыялады жана Европа Союзун да ушуга чакырууда. Европа Союзу 2011-жылы 11-мартта Брюсселде өткөргөн өзгөчө жыйында ошол убактылуу улуттук кеңешти дээрлик моюнга алды. Себеби, бул убактылуу улуттук кеңешти сүйлөшүү алып барыла турган расмий тарап деп, Каззафийден тезинен бийликтен кетүүнү талап кылды... Ошол эле учурда, Америка Европага окшоп «кайраттуулук» көрсөтпөй жатат. Негизи, жүз берген окуя Америка үчүн ыңгайлуу учур болушу, ал мындан өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланып, Британия таасиринин ордун ээлеши күтүлгөн болчу... Демек, эмне үчүн Европа Ливияга аралашуу үчүн Америкага караганда көбүрөөк аракет кылууда?*

*4 – «Ыңкылапчылар» жөнүндө эмне дейсиңер? Алар мыкты куралданган, жырткыч кандуу аракет жасап жаткан, Ливияны жалын*

*ичинде калтырууну жарыялаган Ливия тогутунун алдында бекем тура алышабы?*

*Бизге мына ушул иштерди ачык-айкын түшүндүрүп беришиңерди суранабыз. Алла силерге жакшылыкты тартуу кылсын.*

**Жооп:**

1 – Ооба, Тунис жана Мисрде эле эмес, Ливия, Йеменде да... окуялар өз-өзүнөн башталды. Алардын оң таасири болду. Себеби, бул окуялар адамдардын акимдерден коркуу сезимин жоготту. Аларда исламий туйгулар үстөм болду. Себеби, адамдар акимдердин зомбулугунан коркпостон аракетке келишүүдө жана такбирлерди айтышууда. Бул болсо адамдарды аракетке келтирүүдө пайдасы бар. Ошондуктан, бул окуялар мына ушул жактан алганда жакшы жана мубарек болду...

Башка тараптан болсо, бул демонстрациялар туйгулардан келип чыгып элдин кыйкырыгы менен башталды. Ал эми, мындай демонстрацияларга таасирдүү эл аралык күчтөрдүн жана алардын мамлекеттеги малайларынын жылжып кирип алышы оңой болот. Ошондуктан, Тунисте Европа (Британия менен Франция) күчтөрү бул демонстрацияларга өздөрү даярдаган малайлары аркылуу жылжып кириштти. Бул малайлар интифазачылардын арасына кирип алышты. Мына ошондон кийин бул эл аралык күчтөр бир аз «пластикалык операция» жасаган болуп, режимдин негизги структурасын сактап, өз таасирин камсыздап алышты...

Мисрде да дал ушундай болду. Ал жерде да Америка өз малайларын ишке салып интифазачылардын арасына жылжып кирип алды. Муну ар бир аң-сезимдүү, калыс адам түшүнүп жетти. Бул демонстрациялар туйгулардан келип чыкканын, ошондуктан, эл аралык күчтөр жана алардын малайлары аларга оңойлук менен жылжып кирип алышын ар бир аң-сезимдүү, калыс адам аңдап турат. Мындан улам, айрым калыс күчтөр интифазачылар менен байланышып, алардын аң-сезимин ачууга, аларды тегерегинде болуп жаткан нерселерден эскертүүгө, төгүлгөн кандарды бекерге кетирбөөгө,

интифазадагы талаптарды өздөрү такбир жана тахлил айтып жатышкан дин өкүмдөрүнө ылайык коюуга үндөөгө бүткүл этибарын каратышты...

Интифазачылар менен байланышып, мына ушундай чын дилден олуттуу, кызуу аракеттер жасалды. Бирок, ошого карабастан, башка күчтөр өзүнүн жалданма топторун сапарбар кылып, каражаттарын ишке салып интифазачыларга таасир өткөрө алышты. Мисрдеги Тахрир аянтында миңдеген интифазачылар жамаат болуп намаз окуп, тахлил жана такбир айтышса да, аларда исламий туйгулар үстөм болгон болсо да, бирок, алар Ислам башкаруусу – максат экенин эске алышпады. Алар Палестинаны басып алган яхудий мамлекетке каршы жихад баштоо, жада калса, Кемп-Девид келишимин бекер кылуу зарылдыгын да эске алышпады!

Бул болсо, чыныгы өзгөрүү жүзөгө чыгышы үчүн төмөнкү эки иш зарыл деген даанышман сөздүн канчалык туура экенин тастыктап турат:

- Раъйи оммдун өзү эле эмес, тескерисинче, ваъйи оммдон келип чыккан раъйи омм.
- Кандайдыр бир жардам эмес, кубат ээлеринин жардамы зарыл.

Интифазачылар ушул эки ишти түшүнүшпөдү. Ошондуктан, саясий структура өзгөрүлбөстөн, болгону «пластикалык операция» гана жасалды.

2 – Эми, Тунис жана Мисрдеги окуяларга, ибн Али жана Мубарактын эмнеге саналуу күндөрдө кулатылганына, Ливия жана Йемендеги окуялар болсо, созулуп бара жатканына, алардын ортосундагы айырмачылыкка токтоло турган болсок, буга Тунис жана Мисрге өз таасирин өткөргөн эл аралык күчтөр бул эки өлкөнү өз таасири астында кармап калганы себеп болду. Себеби, Европа Тунистеги иштер тизгинин өз колунда кармап калды, иштерди баскычтан баскычка, убакыттын өтүшү менен «дабалаган» болду, адамдар нааразы болуп сүрөн көтөрсө, аларга тезинен башка адамды көрсөттү. Бирок, илманий капиталисттик түзүмдүн структурасы өзгөрбөстөн кала берди. Мисрде да ушундай болду. Себеби, мурунку доордо да, учурдагы доордо да саясий күчтөр менен бир Америка

гана байланышты. Америка да маселени «баскычтан баскычка дабалаган» болду, интифазачылар нааразы болуп дүрбөлөң көтөрсө тезинен бир адамды өзгөртүп, калкка башка адамды көрсөттү!

Демек, майдандагы эл аралык «оюнчунун» бир экендиги ибн Али менен Мубарактын саналуу күндөрдө кетишин жеңилдеткен нерсе болду. Т.а. Тунисте «оюнчу» Европа гана болгон болсо, Мисрде Америка болду... Мына ушул эки «оюнчу» бул эки мамлекеттеги мурунку режимдин тушунда ондогон жылдар бою тарбиялашкан малайларынын жардамында интифазачылардын арасына жылжып кирип алышты, алардан да бийик үн менен кыйкырышты, Тунис жана Мисрдеги залим акимдердин зулуму, зомбулугу жана эзишине каршы козголгон интифазачылардын сүрөнүнөн да катуураак жана күчтүүрөөк сүрөн салып, өз талаптарын коюшту, интифазачыларды чебердик менен алдашты!

Тунис менен Мисрде күрөшкөн тараптар төмөнкүлөр болду:

Зулумга каршы туйгулардан келип чыгып өз-өзүнөн козголгон интифазачылар;

Тунисте өз малайларын ишке салган Европа о.э. Мисрде өз малайларын ишке салган Америка.

Ошентип, колонизаторлорго эркиндик жана демократия деп илманий капиталисттик түзүмдүн структурасын сактап калуу оңой болду. Муну «пластикалык операция» аркылуу ишке ашырышты. Мунун бети кийинчерээк ачылат, бирок, убакыт өтүп кеткен болот!

Ал эми, Ливия менен Йеменде иш бүтүндөй башкача. Себеби, Европа Американын Ливия жана Йеменге аралашуусуна тоскоолдук коё албайт. Бул эки мамлекеттеги майданды Европа бир өзү элей албады. Европа бул эки мамлекетте майданды бир өзү ээлеп, иштерди өзү каалагандай тартипке салмакчы, адамдарды жүзеки өзгөрүүгө ыраазы кылмакчы жана өзүнүн малайларын калтырмакчы болду. Оболу, Европа ушуга урунду. Эгер, Ливияда Каззафий жана Йеменде Али Салих бир нече демилгелерди

адамдарга сунуштап, аларды көндүрүүнүн оңунан чыгышса, ушул жол менен бийликте кала алышса, Европа аларды калтыра турган болду жана бул иште аларга жол ачып берди. Акыры келип бул эки малайдын Европа кызыкчылыктарын мындан кийин жүзөгө чыгарып бере албашы айкын болуп калды. Жада калса, көп кан төгүп, кыргын кылып интифазачыларды басышса да мындан кийин Европа кызыкчылыктарын ишке ашырып бере албашы айкын болуп калды. Себеби, бул эки малайдын өз мамлекетиндеги таасир күчү жоголду, башкача айтканда бул эки малай өз ролун ойноп бүттү. Ошондуктан, азыр Европа бул малайлардын ордуна Ливия жана Йеменде өзү жараткан саясий катмардан башка малайларды өстүрүп чыгарууга урунууда. Бирок, бул иш ага оңой болбоду. Мисалы, Тунисте ушундай болду. Себеби, Европа каршысында дагы бир колонизатор мамлекет Америка турат. Америка да Ливия жана Йеменге көзүн алайтып, бул эки мамлекетте өз таасирин орнотууга жан үрөп умтулууда... Ошентип, майдан Европанын өзүнө гана чектелбеген. Антпесе, ишти дал Тунистегидей оңойлук менен чечип коймок. Бирок, андай болбоду. Тескерисинче, биринчи күндөрдө эле күрөш сызыгына Америка да кирди. Америка ачык-ашкере же парда артынан алакаларды орнотуп кирип келди... Т.а. эки мамлекетте өз ара күрөшүп жаткан тараптардын саны үчкө жетти:

- Зулумга каршы өз-өзүнөн, туйгудан келип чыгып козголгон интифазачылар;
- Ливияда Европа (Британия менен Франция), Йеменде Британия. Европа адамдарды өзгөртүү аркылуу өзүнүн мурунку таасирин сактап калууга урунууда;
- Бул эки мамлекетте өз таасирин күчөтүүгө урунуп жаткан Америка.

Бул эки эл аралык тарап маалымат каражаттарында өздөрүн акимдерге, тогуттарга жана диктаторлорго каршы тургандай кылып көрсөтүүгө урунду. Кудум Европа менен Америка бул күнгө чейин ушул акимдердин диктатордугунан кабарсыз болгондой! Негизи, мусулман өлкөлөрүндөгү

залим, тогут акимдердин артында мына ушул колонизатор капыр мамлекеттер турат. Ырас, акимдер бул колонизаторлордун кызыкчылыктарын жүзөгө чыгарып берген соң, аларды капыр мамлекеттер колдоп-кубаттай берет. Эгер, бул малайлар өз ролун ойноп бүтүшсө, колонизаторлор аларды түкүрүп таштап, аларга караганда жагымдуураак көрүнгөн башка адамдарды издөөгө өтүшөт!

Демек, Ливия менен Йеменде эл аралык күрөш орун алган себептүү бул эки өлкөдөгү демонстрациялар Тунис жана Мисрге караганда созулуп кетти, мындан кийин да созулат.

3 – Эми, аралашуу жөнүндө айта турган болсок, 2011-жылы 17-февралдан бери окуялардын башталышында Америка Ливияга аралашуудан жана Ливия үстүнөн самолёттордун учушуна тыюу салуудан кызыкдар экендиги көзгө урунду. Америка өзүнүн кемелерин Ливиянын жээгине жакын алып келип койду... Америка өз адатына ылайык тыюу салып коюу маселесине бир өзү кожоюндук кылмакчы жана бул иштен пайдаланып өзүн кудум «ыңкылапчылардын» коргоочусундай көрсөтмөкчү болду. Ушул жол менен Ливияда Каззафийдин ордуна өзүнүн куурчак малайын орнотуу, арийне, Британия таасирин чыгарып өз таасирин орнотуу үчүн аралашмакчы болду.

Бирок, Британия да көп күттүрбөстөн аракетке келип, Кипрге өз самолётторун жиберди. Кийин Ливиянын үстүнөн учууга тыюу салууда Франция менен бирге аракет кылды. Муну менен гана чектелип калбастан, Бенгазидеги убактылуу улуттук кеңешке бир делегацияны да жиберди... Улуттук кеңеш бул делегацияны артына кайтарып жиберди.

Европанын аралашуусу Американын аралашуусунан айырмаланат. Себеби, Британия Ливияга таасир өткөрүп турган доордо өстүрүп чыгарган саясий катмардан турган өз жүгүртөктөрүнө ээ. Каззафий да, анын тарапкерлери да Британия кызыкчылыктарына кызмат кылып келген. Эми болсо, Каззафий кулады же ушуга жакын турат. Ошондуктан, Британиянын

учурдагы аракети абада самолёттор учушуна тыюу салууну шылтоолоп Ливиядагы малайларынын тарабында туруп, Каззафийдин ордуна башка малайды чыгаруу максатында саясий абалды башкаруу. Ошондуктан, Британиянын ыңгайлуу келген ар кандай «мыйзамдуу» ыкманы ишке салып аралашуусу Ливиядагы өзүнүн малайлары менен жакын байланышта болуу мүмкүнчүлүгүн берет. Мына ошондо Британия адамдарга абдан жаман көрүнүп калган Каззафийдин ордуна башка малайды табат. Т.а. Каззафийдин ордуна ага караганда жакшыраак көрүнгөн бирер адамды алып келет! Ошентип, Британия Ливиядагы өзүнүн жүгүртөктөрү менен биргеликте саясий иш алып баруу үчүн аскерий аралашуудан бир маска катары пайдаланууда. Британия менен Франциянын Ливиянын үстүнөн самолёттордун учушуна тыюу салуудагы о.э. Европа Союзунун 2011-жылы 11-марттагы өзгөчө жыйын токтомдору боюнча аракетин мына ушундан түшүнүп алса болот.

Белгилүү болгондой, Франция, Италия... сыяктуу башка Европа мамлекеттеринин да Ливияда чоң экономикалык кызыкчылыктары бар. Ошондуктан, аралашуудан алар да кызыкдар. Себеби, мына ошондо, бул аралашуу мүмкүнчүлүк берсе өздөрүнүн кызыкчылыктарын сактап калышат. Британия Америкага каршы алардан күч алат... Британия даярдыкты баштады жана ичкеридеги о.э. тышкарыдагы малайлары аркылуу иш алып барууда, Каззафий куласа бул малайлар бийликти өз колуна алуулары керек. Демек, Британиянын Ливияда адамдарга башкача көрүнүштө көрүнгөн саясатчы малайлары бар...

Каззафий Америкага моюн суна турган бир да саясий катмарды калтырбаган. Ошондуктан, Америка аскерий аралашуудан мурун өзүнүн жүгүртөктөрүн жаратууну камсыздамакчы.

Ушуга негизделип Америка аралашууга шашылбай жатат. Ал ыңкылапчылардын Америка аларды Каззафийдин отунан куткарышын түшүнүп жетишип, Америкадан аралашууну сурануиларын, аныгы,

тынымсыз суранууларын күтүүдө. Айрыкча, Америка аскерий жактан аралашпастан туруп самолёттор учушуна тыюу салуу проблеманы чечпешин жакшы түшүнгөндүктөн муну атайлап созууда. Демек, Америка аралашууну созууда. Аралашууну каалабаганы үчүн эмес, эгер аралашса өзүнүн жүгүртөктөрүн жаратууну камсыздоо үчүн созууда. Т.а. Америка аралашуунун кыйынчылыктарына арзый турган натыйжаларга жетүүнү камсыздамакчы. Себеби, Американын аралашуусу төмөнкү чоң кыйынчылыктарга алып келет: Анткени, Америка үчүнчү согушту алып бара албайт. Себеби, ал Афганистан жана Пакистанда дагы эле согуш алып барууда. Иракта да абал толук чечилбеген. Мындан тышкары Америка финансылык кризисти да башынан өткөрдү. Көптөгөн тынчтандыруулар жана отчётторго карабастан (бул отчёттор туура эмес эсептелет) Америка бул кризистен али өзүнө келген жок. Мисалы, Хиллари Клинтон өкүлдөр палатасында сүйлөгөн сөзүндө ушуга ишарат кылып, тышкы иштер министрлигинин бюджети жарым эсеге кыскартылгандан арызданды жана муну «келерки кыйын доорлор үчүн арзыбаган бюджет» деп атады. Америка коргоо министри Роберт Гейтс болсо мындай деди: «Аскерий чаралардын кыйыр түрдөгү акыбеттери жаралышы мүмкүн, муну абдан кылдат менен үйрөнүп чыгуу зарыл» («Вашингтон Пост», 2011-жыл, 2-март). Демек, Американын түздөн-түз үчүнчү согушка кириши анын желкесиндеги кыйынчылыктарды көбөйтүп жиберет. Американын өзүндө жана башка региондордо кыйынчылыктарды башынан өткөрүп жатканда бул жаңы кыйынчылыктар Американы эзип таштайт. Ошондуктан, Гейтс 2011-жылы 1-мартта эки аскерий кеме «Кирсардж» жана «Понсе» Ливия жээгинде аракеттенүү жөнүндө берген буйругун гуманитардык жардамдарды берүү үчүн болду деп актанды. Америка өз күчтөрүн мына ушундай гуманитардык вазыйпасын аткаруу үчүн жибериши мүмкүнбү?! Кантип эле ушундай болсун!.. Түпкүлүгүндө, Америка ушул кемелерди аскерий вазыйпалар боюнча абалды түздөн-түз күзөтүү, эгер зарыл болсо түздөн-түз аракет кылуу

үчүн жиберген! Ливияга сокку берип Каззафий режимин коркутуу жана эң жаман божомолдорго даяр туруу үчүн жиберди! Ошону менен бирге, Америка интифазачылар жана ыңкылапчылар менен байланышууга да аракет кылууда. Муну Клинтон билдирди. Клинтон Каирге сапар жасаганда башка байланыштар да орнотулуп жатканын билдирди. Демек, Америка түздөн-түз аралашпастан козголоңчуларды колдоп-кубаттоого аракет кылууда. Ушул аркылуу өз таасирин жаратмакчы. Буга ичкеридеги жетекчилерди өзүнө тартууга колунан келгенче урунуп көрмөкчү. Америка тышкарыдан Каззафийге басым өткөрүүгө да аракет кылууда. Эгер, айрым жетекчилерди өзүнө оодарып, өзүнүн малайы кылып алса жана Ливиянын ичине жетиштүү деңгээлде жылжып кирип алышына толук ишенсе, Америка өзүнүн аскерий аралашуусуна төлөнө турган «төлөмдү» таап, бул «төлөм» аралашуу кыйынчылыктарын көтөрүшүнө арзый турган болот. Американын аралашууну же ыңкылапчылар менен алака орнотууну жарыялоого шашылбай жатканынын себептери мына ушулар. Максат, Ливиянын ичине активдүү таризде саясий жактан жылжып кирип алуу камсыздалганга чейин күтүп туруу. Америка ушул жолду карманып, буга дээрлик жакындашып калганы көрүнүп турат...

4 – Эми «ыңкылапчылардын» бекем турушуна токтоло турган болсок, алардын кылмышкер Каззафийдин каршысында бекемдик менен турушканы анык көрүнүп турат. Буга алардын Каззафийдин оор курал-жарактарынын тушунда коркпостон бекем турушканы далил. Себеби, алар коркууну сындырып, куралды колго алышты, аларга армиядан да күчтөр келип кошулду. Алар көптөгөн региондорго өз көзөмөлүн орнотушту, аларга бир нече уруулар да кошулду. Алар жаңы абалга көнүп калышты, аларда исламий туйгулар кызуу согуп, күч алууда... Булардын баары аларды согуш майданында Каззафийдин адамдарына каршы улуу каармандык менен турушуна себеп болууда...

Бирок, алардын колундагы курал-жарактар менен Ливия тогутунун колундагы курал-жарактардын ортосунда абдан чоң айырма бар. Ливия тогуту ыңкылапчыларга жердин күлүн көккө сапыра турган даражада бомбаларды жаадырууда... Колонизатор күчтөр, Европа менен Америка болсо, Каззафийдин курал-жарагынын үстөмдүгүнөн пайдаланып, өздөрүн кудум ыңкылапчыларга жардам берип жаткандай кылып көрсөтүшүүдө. Колонизатор күчтөрдүн Каззафий ишке ашырып жаткан кандуу кыргындарды токтотуу максатында аралашуу үчүн «гуманитардык» жардам көрсөтүү деген шылтоосу кабатырлантат...

Капаланткан, аныгы, шерменде иш ушул, коңшу мамлекеттердеги араб акимдери Ливиядагы кандуу кыргындарды көрүп туруп аракетке келишпеди, кадыржам болуп карап турушат. Алардын армиялары казармаларда жатат. Акимдер бул армияларды казармаларынан адамдарды кыргын кылуу үчүн гана чыгарышат. Бирок, Ливиядагы мазлумдарга жардам берүүгө келгенде унчукпай кыймылдабастан турушат. Алар – дудук, көр, дүлөй, акылдарын иштетпеген кимселер...

Колонизатор капырлардын Ливия тогуту жасап жаткан кандуу кыргындардан пайдаланып калышы кабатырга салат. Мында ушул колонизаторлор бир жол таап Ливияга аскерий жактан аралаша турган болушат, токтобой келе жаткан жырткыч кыргындардын натыйжасында капырларды ушуга чакырган бирер араб же Ливия тарап табылат. Мисалы, Араб Лигасынын башкы секретары ушуга шилтеме кылып өттү.

Бул кабатырлануунун артынан дагы бир кабатырлануу келип чыгат, т.а. Британия өзүнүн малайларына бул интифазада иштер тизгинин өз колуна алууларына мүмкүнчүлүк жаратып берүүгө урунуп жатат. Себеби, эгер Каззафий режими куласа Британия ушул малайларын анын ордуна алып келет. Америка малайларынын – эгер алар жаңы адамдарды сатып алып, өз малайларын жарата алса – иштер тизгинин өз колуна алууларында да коркунуч бар. Демек, абал бүгүнкү күнгө чейин толугу менен чечилген жок.

Калыс кишилердин пайдасына да, Британия малайы Каззафийдин пайдасына да, Британия Каззафийдин ордуна алып келе турган малайлардын пайдасына да, Америка малайларынын пайдасына да чечилген жок. Жада калса, интифаза жеңип, Каззафий кулаган тагдырда да абал кыска убакыт ичинде бул тараптардын эч биринин пайдасына чечилбейт. Буга мына ушул колонизатор мамлекеттердин аралашып жатканы жана жашыруун өз ара атаандашып жатканы о.э. адамдар арасында ушул мамлекеттердин малайлары жүргөндүгү себеп. Бул малайлар иштер тизгинин өз колуна алууга урунушууда. Ошондуктан, Ливия калкы бул абалдан Исламга мамлекет, коом жана бардык иштердин жашоо түзүмү катары ачык-ашкере таянса гана куткарылат... Ал эми, ортого ташталып жаткан улуттук ураанга келсек, бул ураанга ээрчиген адамдар да бар, ар бир тарап иштер тизгинин өз колуна алууга жана адамдарды башкарууга урунат. Арийне, төгүлгөн ушунча пакиза кандар бекерге кетип, адамдар тынчтык, амандыкка жете турган адилеттүү башкаруу жүзөгө чыкпастан кала берет.

Бул өлкөгө коңшу акимдер Ливиядагы мусулмандарды жардамсыз таштап коюшканы үчүн жана мусулман өлкөлөрүн колония кылган капырлар ыңгайлуу учурду күтүп турганы үчүн о.э. Ливия тогуту ишке ашырып жаткан кандуу кыргындар күч алганы үчүн Ливия мусулмандарынын башына ушундай божомолдор түшүшүнүн мүмкүндүгүнөн коркуп жатабыз...

Үммөт өз акимдерине, ошону менен бирге, Ливияга коңшу Мисир, Алжир, Тунистеги акимдерге басым өткөрүп, бул тогутту тыйып коюуга, армияларды Ливия тогутун жанчып таштоого мажбурлашы важып. Армиялар Каззафийге жана анын жүгүртөк жардамчыларына өздөрү жасаган кылмыштарынын азабын, Акыретте болсо жан чыдагыс азапка жолугарын көрсөтүп коюулары керек. Бул болсо Аллага кыйын эмес.

**11-март, 2011-м.**

**Армениядагы шайлоо тууралуу суроого жооп**

**Суроо:** *Арменияда Россияга жан тарткан өкмөткө каршы үч аптадан бери уланып келе жаткан демонстрацияларды токтотуу үчүн Армения парламенти 2018-жылы 8-майда оппозициячы Никол Пашинянды бир добуштан премьер-министр кылып шайлады. Армениядагы мындай саясий өзгөрүүнүн көлөмү кандай даражада? Бул, Россиянын Армениядагы таасирине чекит коюлушун түшүндүрөбү? Бул маселеде Батыштын т.а. Америка менен Европанын ролу барбы?*

**Жооп:** бул окуяларды түшүндүрүү үчүн ушул нерселерди карап чыгабыз:

1 – Армения – калкы төрт миллионго жеткен кичине мамлекет. Армения Советтер Союзу ыдырашы менен эгемендүүлүккө жетишкен. Республикалык партия Арменияны 1999-жылдан бери башкарып келет. Партиянын төрагасы Серж Саргсян наразылыктардын натыйжасында иштен алынды. Бул партиянын азыркы төрагасы президент Серж Саргсян толук эки мөөнөт президент болду. Парламентте оппозициячыл партиялар бар экендигине карабастан, Саргсяндын башкаруусу диктатор жана Россияга малай катары кеңири таанылган. Өлкө конституциясында эки мөөнөт президент болууга жол берилбейт. Серж Саргсян бийликте калуу үчүн конституцияга өзгөртүү киргизди, өзгөртүүгө ылайык президенттик мансап символдук мансабга айланды жана амалий бийлик болсо премьер-министрдин колуна өттү. Серж Саргсян президенттигинин экинчи мөөнөтү бүтөрү менен премьер-министр болду. «Серж Саргсян башкаруудагы чеңгелин бекемдөө үчүн кадам шилтеди. Анын бийликте калышына каршы Ереванда миңдеген киши демонстрацияга чыкканына карабастан, Армения парламенти мурунку президент Серж Саргсянды премьер-министр кылып шайлады. Парламент 63 жаштагы Саргсяндын жаңы мансапты ээлешине ыраазы болду. Өткөн аптанын акырында Саргсяндын экинчи президенттик мөөнөтү бүткөндөн кийин аны премьер-министрликке колдоп 77 добуш

берилген болсо, 17 каршы добуш берилди...». (Күн, 2018-жыл, 17-апрель). Саргсяндын премьер-министрликке дайындалышына каршы элдик каршылыктар күчөдү. Анткени, Саргсян президент болгон доор армяндар туш болгон экономикалык кыйынчылыктар жана элге мүмкүнчүлүктөр берилбегени менен өзгөчөлөнүп турат. Мунун биринчи себепчиси – бийликтеги коррупция. Андан тышкары, өлкөдө нефть, газ жана чийки сырьё сыяктуу табигый ресурстар аз. Оппозициячыл «Елк» партиясы бүткүл этибарын ушул нерселерге каратты. Кийин Арменияда наразылыктар башталды. Бул наразылык демонстрациялары оппозициячы Никол Пашинянда көөдөлөнгөн жаңы «элдик лидерди» майданга алып чыкты.

2 – Наразылык демонстрацияларына негизинен Саргсян доорунда экономикалык кырдаалдын бузулушу түрткү болду. Постсоветтик мамлекеттер катары Армениядагы бийлик да административдик жана финансылык коррупцияга малынган, мамлекеттик органдардагы паракорлук адамдардын айласын кетирген даражада күчөгөн. Турмуштагы кыйынчылыктар себептүү эл бийликке абдан наразы. Адамдар Саргсян президенттигинин экинчи мөөнөтү бүтүшүн күтүп күн санап турганда капыстан ал премьер-министрлик мансабына келди. Адамдар анын башкаруусуна каршы козголду. Кырдаал Саргсяндын отставкасы жана оппозициячы Пашиняндын премьер-министрлик мансабына келиши менен аяктады. Экономикалык маселе, ошону менен бирге, демократияга алакадар маселелер маанилүү болгондуктан жаңы премьер-министр Пашинян өкмөттү түзгөндөн кийин парламенттик шайлоолорду өткөрүү зарылдыгын жана «бардык тармакта кеңири көлөмдүү реформаларды өткөрүүгө киришүү зарылдыгын баса белгиледи. Пашинян «Арменияны демократиялаштырууга», мыйзам үстөмдүгүн бекемдөөгө, жеке экономикалык кызыкчылыктарды өкмөттөн бөлүүгө жана инвестициялык чөйрөнү түптөн жакшылоого убада берди». (Армения, 2018-жыл, 14-апрель).

Мына ушулардан Армениядагы саясий өзгөрүүлөр алгач жергиликтүү факторлор себептүү пайда болгонун көрүнүп турат.

**3 – Реакциялар:**

а) Америка демонстрациялар маалында Армениядагы кырдаалды тыкыр күзөтүп жатканын жарыялады. Көрүнүп тургандай, ал Арменияда өз таасирини кеңейтүү мүмкүнчүлүктөрүн үйрөнүүдө. Пашинян премьер-министрликке дайындалгандан кийин «АКШ тышкы иштер министрлигинин басма сөз өкүлү Хизер Нойерт шейшемби күнү берген билдирүүсүндө: «Кошмо Штаттар Арменияның жаңы премьер-министри Никол Пашинянды премьер-министрликке шайланганы менен куттуктайт», - деди. Ал дагы: «Биз эки өлкө ортосунда ортоктош мааниге ээ болгон түрдүү тармактарда, анын катарында, соода-сатыкты кеңейтүү, демократия жана мыйзам үстөмдүгүн колдоп-кубаттоо үстүндө иштөөнү, эл аралык жана регионалдык коопсуздукту коргоо жаатында жаңы өкмөт жана Армения калкы менен түздөн-түз иш баштоону ынтызарлык менен күтүп жатабыз», - деп кошумчалады». (Армения кабарлары, 2018-жыл, 9-май).

б) Европага келсек, «Европа Союзунун тышкы иштер жана коопсуздук саясаты боюнча өкүлү Федерика Могерини Армения премьер-министри Никол Пашинян менен телефон аркылуу сүйлөштү. Европа Союзу жарыялаган билдирүүдө Могерини Пашинянды мүмкүнчүлүктөгү эң жакын убакыт ичинде Брюсселге келүүгө чакырды. Билдирүүдө мындай делет: «Европа Союзунун жогорку өкүлү, Европа комиссиясы төрагасынын орун басары Федерика Могерини кече түштөн кийин Никол Пашинян менен телефон аркылуу сүйлөшүп, аны Арменияның жаңы премьер-министри болуп шайланганы менен куттуктады. Ал Европа Союзу менен Армения ортосундагы кызматташтыктын маанисине басым жасап, Пашинян менен жолугушууга ынтызарлыгын билдирди. Жогорку өкүл премьер-министрди мүмкүнчүлүктөгү эң жакын убакыт ичинде Брюсселге келүүгө чакырды». (ARMENPRESS, 2018-жыл, 9-май).

в) Россияга келсек, Пашинян 2018-жылы 8-майда парламентте премьер-министр болуп шайлангандан кийин «Россия президенти Владимир Путин ага куттуктоо телеграммасын жөнөттү. Путин телеграммада Пашинян Россия менен Армения ортосундагы кызматташтык алакаларын о.э. Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги, Евроазия Экономикалык Союзу жана Жамааттык Коопсуздук Келишими Уюму алкагында эки өлкө ортосундагы кызматташтыкты бекемдешин билдирди... Пашинян мындан мурун анын өлкөсү менен Россия ортосундагы аскерий жана стратегиялык кызматташтык Армения мамлекетинин коопсуздугунун негизи болуп эсептелишин билдирген. Ал парламентте өткөн атайын жыйында Россия менен стратегиялык кызматташтык мамилелери Арменияныn биринчи даражадагы маселеси болуп каларын кошумчалады. Пашинян анын өлкөсү Жамааттык Коопсуздук Келишими Уюмунан жана Евроазия Экономикалык Союзунан чыкпашын айтты. Белгилүү болгондой, бул союзга Россия, Казакстан, Белорусия, Армения жана Кыргызстан кирет». (Русиял Явм, 2018-жыл, 8-май).

Россиянын Армениядагы тынчсыздануулaрын жоюу үчүн «Пашинян мындай деди: «Арменияда башталган саясий жараян геосаясий мазмунга ээ эмес». Ал: «Биз өз аракетибизде Кошмо Штаттар же Европа кызыкчылыктарына таянбайбыз, Армения жана анын калкынын кызыкчылыктарына таянабыз», - деп билдирди. О.э. ал: «Биздин демонстрацияларыбыз Россияга каршы багытталбаган. Андан тышкары, демонстрациялар Украинадагы окуяларга окшобойт», - деп сөзүн улантты». (DARAJ, 2018-жыл, 1-май).

4 – Мындан көрүнүп тургандай, Россиянын Арменияда өз таасирин сактап калуу мүмкүнчүлүгү дале бар. Ошондуктан, Россия президенти Пашинянды Сочиде жолугушууга чакырды. Алардын ортосунда болуп өткөн ушул биринчи жолугушууда «Армения жаңы премьер-министри Никол Пашинян Россия президенти Владимир Путинге Россия менен аскерий

тармакта алакаларды дагы да өнүктүрүүнү көздөп жатканын жана эки өлкө ортосунда стратегиялык алакалардын маанилүүлүгүнө эч ким күмөн санабастыгын айтты». (Рейтер, 2018-жыл, 14-май).

Пашинян мындай деди: ««Ишенемин, Армения менен Россия алакалары стратегиялык жактан маанилүү экенине Арменияда эч ким күмөн санабаган жана күмөн санабайт. Биз саясий, экономикалык жана соода-сатык алакаларына жаңы күч багыштайбыз». Армения жетекчиси Россиянын Армениядагы соңку саясий кризис маалындагы туруктуу позициясын Армения калкы жогору баалап жатканын өзгөчө баса белгилеп өттү». (Русиял Явм, 2018-жыл, 14-май).

Россиянын Арменияда өз таасирин сактап калуу мүмкүнчүлүгүн бир нерсе бекемдөөдө, ал да болсо «Армян түйүнү». Ушул «Армян түйүнү» себептүү оппозиция Россияга далын сала албайт. Т.а. Армения мусулмандардын курчоосунда турат жана ар дайым ушул исламий курчоодон тынчсызданып жашайт. Армениянын бир тараптагы кошунасы – Азербайжан. Мындан тышкары, Армения менен Азербайжан ортосунда Тоолуу Карабах жаңжалы турат. Армениянын дагы бир тараптагы кошунасы – Түркия. Армяндар жыйырманчы кылымдын башындагы кыргында Түркияны айыптап келет. Дагы бир тараптан Арменияга Иран кошуна. Туура, Армения географиялык жактан Россия менен түздөн-түз байланышпаган. Анткени, Арменияны Россиядан Грузия бөлүп турат, Россиянын түштүгү исламий бөлүнүү жаңжалдарына толо, мисалы Чеченстанда болгондой. Бирок, Армения географиялык жактан Россия менен түздөн-түз байланышпаган болсо да, бирок эл аралык жактан ага эң жакын күчтүү мамлекет – бул Россия. Ошондуктан, армяндар мусулман кошуундарына каршы күрөштө өздөрүн коопсуз сезишет. О.э. Арменияны көз карандысыздыкты алгандан бери турмуштук маанилүү каражаттар менен колдоп-кубаттап келе жаткан мамлекет да – ушул Россия. Мисалы, Тоолуу Карабах жаңжалында Россия аны аскерий жактан колдоп-кубаттаган. Ошону

менен бирге, Россия колдоп жаткан турмуштук каражаттардын дагы бир жагы – карыздар, чексиз жардамдар, мунай жана газ. Анткени, Арменияның экономикасы алсыз. Ал жардамдарга жана армяндардын чет элден салып жаткан акчаларына таянып калган. Армения Россияны исламий коркунучтан сактап турган кубат деп билишет. Ошондуктан, Россиянын бул өлкөдөгү аскерий базалары жана Россия менен стратегиялык кызматташтык – Армениянын тышкы саясатындагы негиз десе болот. «Русиял Явм» 2018-жылы 24-апрелде жарыялаган кабарда наразылык демонстрациялары учурунда айрым демонстранттар Россиядан Армениядагы аскерий базасын чыгарууну талап кылышкан болсо да, бул нерсе ошол аң-сезимсиз демонстранттардын чектелген талабы гана болду. Алар оппозициячы Пашинян Россиянын аскерий таасири сакталып калышын колдоп-кубаттаган билдирүүлөрүнүн артында кандай максат турганын түшүнүшпөйт.

5 – Корутунду катары ушуну айтабыз, Армениядагы нааразылык демонстрациялары оппозиция бийликти алууга багытталган жергиликтүү сыпатка ээ. Мурунку башкаруу Россияга жакын эле. Анткени, Саркисян Россиянын эң ишенген кишилеринин бири болгон. Пашинян оппозициядан болуп, Саркисян Россияга андан да жакын болчу. Бирок, ага карабастан демонстрациянын күчтүү толкуну Россияны алыстагы арпадан жакындагы саман артык деп билүүгө үндөдү! Натыйжада, Россия нааразылык толкунун тизгиндеп, оппозицияга макул болду. Себеби, ал Батыш Армениядагы Россия таасирин жарып кире албашына кадыржам. Мунун себептерин жогоруда айтып өттүк. Бирок, ошого карабастан Батыш, өзгөчө, Америка Арменияны Россияга жөн гана таштап койбойт. Анткени, бул нерсе колонизатор мамлекеттер түрдүү ыплас ыкмалар жардамында алып барган күрөштөрүнөн маалым.

**10-рамазан, 1439-х.**

**26-май, 2018-м.**

## Афганистан маселеси тууралуу берилген суроолорго жооптор
## Жигиттер үчүн

### Калктын афган өкмөтүнө жана Кошмо штаттарга каршы кыжырдануусу күчөп барууда. Себептер жана факторлор

2006-жылы 29-май күнү эртең менен, жергиликтүү убакыт менен саат жетиде Кабулдан түндүктө 50 чакырымдай алыстыкта жайгашкан Баграм аскердик аба базасынан келе жаткан жүк машиналарын өз ичине алган аскердик бронетехникадан турган катуу кайтаруудагы кербен Кабулдун түндүгүнөн кире бериште, Сара Шумалий аймагында бир нече автомашиналар жана таксилер менен кагылышып кетти. Адатта бул аймакта адамдар жыш болуп, автомашиналар тыгылыш болот. Канча киши курман болгону жана жараат алганы жөнүндө ар кыл сандар билдирилип жаткан болсо да, бирок, Америка жүк машинасынын адамдар үстүнөн жүрүп кетишинин акыбетинде бул кагылышуу бир канча кишилердин курман болушуна жана бир нече автомашинанын талкаланышына алып келгени анык.

Массалык маалымат каражаттары таркатып жаткан кабарлар менен бийлик айтып жаткан кабарлар о.э. айрым күбөлөр айткан кабарлар бири-биринен айырмаланат. Массалык маалымат каражаттарынын айрым эсептеринде айтылышынча, бул окуя америкалыктардын кара мүртөздүгүн жана адам өмүрүн бир тыйынчалык көрбөшүн көрсөтүүчү дагы бир абал болду. Күбөлөр болсо, Америка күчтөрү көчөлөрдөн өтүп бара жатып такыр токтобошун, анткени, алар токтогондон көрө адамдардын аларга жол бошотуп беришин абзел көрүшөрүн белгилешүүдө. Сара Шумалий калк кыжы-кыйма жүргөн аймак болгондуктан, адамдардын тез жол бошото коюшу мүмкүн эмес. Ошондуктан, Америка күчтөрү жолдон учураган автомашиналардын үстүнө аскердик машиналарын салып жиберишкен. О.э. окуя жүз берген убакта ошол жерде турган кишилердин – алардын айрымдары нааразылык демонстрациясы учурунда түздөн-түз массалык

маалымат каражаттарына интервью беришти – айтымына караганда, америкалык айдоочу кырт мас болгон. Ошондуктан, ал жолдон учураган ар бир автомашинаны талкалап кете берген. Бийлик менен коалиция күчтөрү болсо бул окуя жүк машинанын тормозу иштебей калгандыктан жүз бергенин белгилешүүдө.

Бирок, күндөрдүн өтүшү менен бул окуяга тормоз иштебей калганы себеп болбогону, ал жөн эле бир окуя болбогону айкын болуп барууда. Чындыктар анык көзгө көрүнбөй жашырынып жатканына карабай, кызуу талкуулар бул окуя жөн гана бир окуя эмес деген сөздүн чындыгын тастыктап турат. Анткени, жүк машинасы Америка күчтөрү ошол жайды курчап алган адамдарга карата ок атып, курчап турган адамдарды жарып өтүп кеткенден кийин өзүн күзөтүп бара жаткан күчтөр менен бирге жолун уланткан. Бул жүк машинасы башка эч кандай балекет жүз бербестен же жолунда эч бир башка автомашинаны талкалабастан базага карап өз жолун беймарал уланткан. Негизи, Кабул көчөлөрүндө жолоочулар эң жыш турган шаарлардан эсептелет. Бирок, ушуга карабай ошол машина жолун беймарал уланткан. Эгер тормоздордо бирер бузулуу болгондо жүк машинасы шаар ичиндеги базаны көздөй жолун уланта албас эле. Эгер ал машина окуя болгон жерде калтырылса, албетте бийлик көзөмөлү астында калган болор эле. Анткени, бул нерсе тормоздордо бузулуу бардыгына далил болор эле. Башка эсептерде айтылышына караганда болсо, бул жүк машинасы Баграмдан келе жатып шаарга жетип келишинен мурда да эки автомашинага урулган.

Бул окуя Кабул шаарын бойлоп нааразылык демонстрацияларынын күчөшүнө алып келди. Бул болсо өз учурунда башка окуялардын жүз беришине, бийлик имараттары жана мүлктөрүнүн о.э. көз карандысыз (NGO's) уюмдарынын талкалануу менен таланып-тонолушуна алып келди.

**Өкмөттүн бул окуяга карата мамилеси**

Ошол күнү кечки убак афган президенти Хамид Карзай Афганистан улуттук телевидениесинен чыгып, наразылык демонстрацияларын тос-тополоң деп атады, аларга катышкан кишилер болсо элдин жана мамлекеттин душманы эсептелет деди. Карзай бул окуя боюнча али эч кандай текшерүү өткөзүлбөй туруп эле, аны коалиция күчтөрүнө караштуу автомашинадагы техникалык бузулуу себептүү жүз берген деп байланыштырып коё калды. Ал кагылышуу жана Америка күчтөрүнүн адамдарга карата ок атышынын натыйжасында курман болгон жарандар үчүн кайгыргандай болуп, сөздө наразылык билдирген болду. Бул позиция дагы бир чындыкты т.а. афган бийлиги Кошмо штаттар түзгөн бийлик экенин жана анда афгандар өмүрүнө тиешелүү жоопкерчилик руху жоктугун көрсөтүп турат. О.э. президент бул окуяга токтолуп, корс-корс сүйлөп, коопсуздук күчтөрү, полиция жана армияны ушуга окшош башка ар кандай «тополоң»го карата «темир кол» менен мамиле кылууга (т.а. күч колдонууга) чакырды. Эч кандай адамгерчиликке жана адеп-ахлакка ээ болбогон жана тынч демонстранттарга ок атуу менен аларды кыруу тарыхына ээ болгон полициячыларга берилген мындай буйруктар бул бийликтин – эгер жарандар чет элдик баскынчылар жашап жаткан айрым үйлөрдүн терезелерине бирер таш ыргытып койгудай болсо – алардын канын агызып, өч алууга дайым даяр экенин анык көрсөтүп турат. Бул болсо Карзайдын өкмөтү жалаң гана чет элдиктер менен алардын кызыкчылыктарын коргоо үчүн турганын тастыктайт.

Бул тыянакты Карзайдын бейшемби күнү кечки убак жергиликтүү саат менен 7-30да, Гринвич убагы менен 1-30да Афганистан улуттук радиосуна берген интервьюсунда сөздү бурмалоого урунганы өзгөртө албайт. Карзай бул интервьюсунда өзүнүн мурунку кайрылуусу калк туйгуларына туура келбегенин сезгендей болду. Ошондуктан, ал мурунку кайрылуусундагы сөздөрүн оңдоп, сылык сүйлөгөнгө урунду. Анткени, ал Америка күчтөрүнүн тынч жарандарга карата ок атканын тан алды, бирок, ошондо да мунун акыбетинде канча адам курман болгонун айтпады. Ал өзүн буга абдан

кайгыргандай кылып көрсөттү о.э. өз перзенттеринин өлтүрүлгөнү үчүн адамдардын нааразылык демонстрациясына чыгууга укугу бардыгын коргогондой болду.

**Демонстрациялардын себептери**

Сара Шумалийде жүз берген окуядан бир саат өтүп-өтпөй ошол жердин өзүндө Америка аскердик бөлүкчөсү кылган бул ыплас кылмышка каршы нааразылык демонстрациясы болду. Бешимден мурун бул демонстрациялар дээрлик Кабулдагы негизги райондордун өтө чоң бөлүгүнө жайылды. Адамдар көчөлөрдөн жүрүп, америкалыктарга жана Карзайга каршы ураандарды кыйкырышып жатты. Адамдар өкмөт имараттарына, көз карандысыз уюмдардын (NGO's) кеңсесине о.э. мейманканалар жана айрым менчик мүлктөргө от коюп, өрттөп жиберишти. Алар имараттардын терезелерин да талкалап ташташты. Бул демонстрациялар бешимден өткөнгө чейин улантылды. Өкмөт бул демонстрацияларды учурдан пайдаланып калмакчы болгон айрым каршы күчтөр уюштурган тополоң деп атаганына карабай, абал өкмөт сүрөттөгөндөн бүтүндөй өзгөчө эле. Ошондой болгон соң, бул демонстрациялар артында турган акыйкат эмне эле? Төмөндө мунун негизги себептерин этибарыңыздарга тартуулайбыз:

- **Калктын кыжырдануусу жана Америка күчтөрүн жек көрүшү:**

Афган элинде америкалыктарга каршы душмандык пикирлер бар болуп, бул нерсе бир канча себептерге барып такалат. Кыйладан бери Америка күчтөрү афган жарандарына каршы кара мүртөздүк менен иш-аракеттерди кылып келишет. Бул нерсе бүткүл калкта жек көрүү пайда болушуна алып келди. Мисалы, америкалыктар качан көчөлөрдөн өтүшсө, курал кезеп адамдарга бакырышат, автомашиналар жана жөө жүргөндөрдүн кыймылын токтотуп коюшат. Бул баскынчылардын буйруктарын аткарбаган ар кандай кишиге карата ок атуудан да тайышпайт. Өтө көп күнөөсүз жарандар америкалыктардын огунан курман болду. Баскынчылар аларды өз

автомашиналары менен өтүп кетүүгө урунгандыктары үчүн гана атып өлтүрүштү.

Автомашиналар тез аракеттенүүчү атайын автотрассаларда, эгер кайтаруудагы Америка аскердик машиналарынын кербени өтүп калгыдай болсо, бул маселе чыныгы проблемага айланат. Анткени, бул кербендер адатта акырындык менен жылат жана бирер кишинин өтүп кетишине жол бербейт. Баары Америка кербенинин артында, кыйла узак аралыкта жүрүүгө мажбур болот. Мындай абал ушул кербен башка жолго бурулганга чейин, же өзүнүн базасына жетип алганга чейин болот. Мындай окуялар Кабул-Жалалабад жолунда өтө көп кездешет. Бул жолдо жарандар Америка танктарынын артынан жайдын ысык күндөрүндө узак сааттар жүрүүгө мажбур болушат.

Американын аба чабуулдары жана алар жеткизип жаткан зыяндар бул баскынчылар Афганистанды басып алган төрт жыл ичинде дагы да массалык түрдө күчөдү. Мисалы, бир нече апта мурун чыгыш Кухинар (Кунар) вилаятында өткөзүлгөн «Тоо арстаны» амалияты чагында Америка күчтөрү «Талибан» адамдары деген шылтоо менен жети жаранды өлтүрүштү. Бул окуя массалык маалымат каражаттарында бир нече күн талаш-тартышка айланды. Мындан да жаманы, жакында, 2006-жылы 22-майда жүз берди. Америка күчтөрү Кандахар (Кандагар) түштүгүндөгү Багвай вилаяты кыштактарынын бирин бомбалашты. Баскынчылардын айтышынча, алар бул кыштакта «Талибан» кыймылынын мүчөлөрү жашырынган деп ойлошкон имиш. Расмий булактарга караганда, бул чабуул акыбетинде 20га жакын тынч жаран, алардын арасынан аялдар, балдар курман болгон, ондогон адамдар жараат алышкан. Бирок, башка булактар өлтүрүлгөн жарандардын саны 50 менен 100 кишинин ортосунда деп айтышууда.

Бир нече күн мурун болгон башка окуяда болсо Америка күчтөрү Хират (Герат) шаарынын батышындагы шаар башкармасы кеңешинин кызматчысына карата ок атышкан. Бул учурда ошол кызматчы башкарманын

автомашинасын айдап бара жаткан эле. Баскынчылардын ок атышынын акыбетинде ал курман болду.

Афганистан жарандары Иракта жана Ислам дүйнөсүнүн башка өлкөлөрүндө жүз берип жаткан окуялардан да кабардар. Алар Америка күчтөрүнүн Ирак мусулмандарына каршы кылып жаткан кылмыштары жөнүндө да угуп турушат. Аларга Ирактын ал-Хадиса шаарында 2005-жылы 19-ноябрда аялдар жана жаш балдар өлтүрүлгөнү да, Абу Гурайб камагында мусулмандарга каршы кылынган ыпылас кылмыштар да, Америка күчтөрүнүн Гуантанамада Мусхафи Шарифти (Курани Каримди) кордошкону да, Расулулла ага шахсиятына каршы кылынган маскаралоолор да маалым. Булардын баары калктын америкалыктарга каршы күчтүү жек көрүү туйгусунун ойгонушуна алып келди. Ошондуктан, эл өз перзенттерин Сара Шумалийде Америка машиналары эзип, майкандап жатканын көрүшүнүн өзү эле борбордо мына ошол демонстрациялардын алоолонушуна жетиштүү болду. Бул окуяны уккан ар бир киши америкалыктарга жана алар орнотуп койгон куурчак, малай бийликке каршы өзүнүн канчалык жек көрүүдө экенин билдирүү үчүн көчөлөргө чыкты. Демонстранттар Америка танктарын ташбараң кылышты жана кайсыл жерде болбосун Карзай сүрөтүн табышса жыртып, тытып ташташты.

- **Жакырчылык жана жумушсуздук:**

Жакырчылык жана жумушсуздук да калктын бийликке жана Батыш дүйнөсүнө болгон кыжырдануусун күчөтүп жиберди. Негизи, бул жерде мамлекетти кайра тикелөө, гүлдөтүп-өстүрүү, экономиканы өнүктүрүү тууралсында ооз көптүрүп, канча-канча кеп-сөздөрдү айтышкан эле. Бирок, булардын эч бири ишке ашпады. Азыркы учурда шаарда көп кабаттуу имараттар, квартиралар, ресторандар, базарлар, көргөзмөлөр, нике тойлору өткөзүлө турган залдар курулууда. Бирок, турмуш жалпы афган калкына карата көп деле өзгөргөн жок. Адамдардын ишеними боюнча, бийлик жардам катары алып жаткан каражаттардан бийликтеги мансаптуу адамдар жана чет

элдик уюмдар гана пайдаланууда, жалпы адамдар болсо, бул каражаттардан кур жалак калышууда. Афганистанды колдоп-кубаттоо үчүн келе жаткан каражаттардын өтө көп бөлүгүн көз карандысыз уюмдар (NGO's) жана чет элдик уюмдар иштетишүүдө. Бул каражаттар чет элдик кызматкерлерге ири айлык төлөө, кымбат баалуу автомашиналарды сатып алуу, Кабул шаарынын эң кымбат маалелеринен көз жоосун алган үйлөрдү ижарага алуу үчүн иштетишүүдө. Бул болсо кембагалдар менен байлар ортосундагы болгон жиктин кеңейишине алып келүүдө.

Өкмөт жана эл аралык коомчулук мамлекет коммуникацияларын тикелөө жана экономикалык базаларды бекемдөө үчүн эч кандай иштиктүү кадамдар койбоду. Борбор Кабулдагы жолдордун көпчүлүгүндө урандылардын калдыктары али да сакталып турат. Бул урандылардын калдыктары бийликтин – башка вилаяттар биякта турсун – ал тургай, борборду кайта тикелөөдө да ийгиликсиздикке учураганын көрсөтүп турат. Ошол эле учурда министрлердин, чет элде жашап келген афгандардын о.э. чет өлкөлүк эксперт жана профессионал адис деген наам алып жаткандардын айлыктары өтө чоң каражатты түзөт. Ал эми, калган бийлик кызматчылары ала турган айлык болсо, 50 доллар (т.а. 2,500 афганий). Даражасы төмөнүрөк кварталдарда эки бөлмөлүү квартиранын баасы болсо, 200-250 доллар (т.а. 10.000-12.500 афганий), үч бөлмөлүү квартира болсо 250-300 доллар. Бир килограмм күрүчтүн баасы 2 доллар тегерегинде, бир литр сүт 70 цент тегерегинде, бир килограмм эт (уй эти 3 доллар, кой эти 4 доллар), эң жөнөкөй транспорт каражатына күнүнө 70-90 цент же 40-50 афганий акча төлөнөт. Киши бир гана транспорт каражаттарына төлөө үчүн айына 20-50 долларга муктаж болот. Бул эми эгер белгилүү бир жерге барып, башка жерге барбастан ошол жердин өзүнөн кайтса ошондой болот. Ошондуктан, коррупциянын кең таркалганына эч кандай таң калбаса да болот. Анткени, сиз эгер орточо турмушта жашамакчы болсоңуз, расмий түрдө иштеп таап жатканыңыздан көрө көбүрөөк каражатка муктаж болосуз. Көпчүлүк

афгандардын бактысына чет элде жашап жаткан жакын туугандары бар. Ошолор аларга материалдык жардам жөнөтүп турушат.

Жеке менчик секторго келсек, ал иштебей жатат. Анткени, коопсуздук өз ордуна коюлбаганы үчүн иш орундары чектелип калды. Мунун үстүнө, өкмөт «кеңселердеги ашыкча кызмат орундарына» чек коюу үчүн административдик өзгөртүүлөр киргизүү деген шылтоо менен миңдеген кызматчылардан көз жуумп койду. Бул болсо бир гана борбордун өзүндө өтө көптөгөн жарандардын жумушсуз калышына алып келди. Ошол жарандардын башка киреше булагы да жок. Ошондуктан, бул факторлордун баары калктын бийликке кыжырдануусун жана наразылыгын жаратты.

•**Бийликтеги коррупция:**

Коррупция бийлик мекемелеринин баарында тең кеңири жайылган. Мисалы, паракордук туу чокусуна чыкты. Бул нерсе укуктардын кең көлөмдө тебеленишине алып келди. Коррупция ушунчалык чокусуна чыкты деп кой, афганистандын тарыхында али мындай болуп көрбөгөн эле. Айрыкча, сот түзүмүндө коррупция абдан күч алды. Бул нерсе кылмыштар санынын элестетип болбогондой даражада көтөрүлүшүнө алып келди. Анткени, сот кызматчыларына пара берип коюлгандан кийин адам өлтүргөндөр, уурулар, зордуктагандар, зөөкүрлөр камактардан бошотулду. О.э. бийлик ээлери башкаларга караштуу мал-мүлк жана жерлерди зордук менен тартып алышууда. Бул бийлик ээлеринин жана сот кызматкерлеринин коррупция жана паракордук баткагына батканынын натыйжасы. О.э. калк массасынан эч ким пара бербестен өз ишин бүтүрө албайт. Мисалы, бирер кишинин бийлик мекемелеринде бүтүрө турган бирер иши болсо, эгер пара бербей турган болсо, ишин апталап, айлап, жада калса, жылдап бүтүрө албайт. Пара иштин кандай иш экенине карай алынат.

Ички иштер министрлиги сыяктуу коопсуздук мекемелериндеги кызматтар болсо «аукцион» аркылуу ээленет. Мисалы, мухофазалар (областтар) же борбордогу коопсуздук башкармалыгынын жооптуу

кызматчысынын ордун алуу үчүн айрым адамдар 50 миң доллардан көп пара берген учурлары кездешет.

- **Бийликтин улутчул тарапкечтик саясаты:**

Бийликтин улутчул тарапкечтигине таяна турган саясаты жалпы калктын кыжырдануусунун кеңири таркалышына жана башкалардын ортосунда ишенимсиздик пайда болушуна чоң салым кошууда. Бул нерсе пуштун, тажик жана өзбектер… сыяктуу түрдүү улуттар ортосунда душманчылыктын күчөшүнө өз салымын кошту. Кошмо штаттар мужахиддерди жана исламчыларды бийликтен четтетүү максатында куралсыздандыруу жана аскердик кызматтан бошотуу иштерин атайын өзү күзөттү. Алардан курал-жарактар тартып алынып, батышча тарбия көргөн афгандарга берилди. Хамид Карзайдын бийлигинде өкүмдарлык ордун негизинен Батыш тарбиясын алган айрым пуштун улутуна тийиштүү адамдар ээлеген. Бул бийлик азчылыкты түзгөн түрдүү багыттагы башка улуттардын өкүлдөрүн башкаруудан четтетти жана бүткүл этибарын өзүн жактаган региондорду көрктөндүрүү программаларына каратты, башка региондорду болсо этибарсыз калтырды. Бул бийлик «Талибан» жана «ал-Коида»га каршы күрөшүү үчүн уруулар күчтөрүн түзүү» деген шылтоо менен өзүн жактаган пуштундарга курал-жарак берди, тажик, өзбек жана өзүн жактабаган пуштундарга болсо берген жок, тескерисинче, алардан курал-жаракты тартып алды. Бийликтин бул саясаты айрым азчылыкты түзгөн улуттар өкүлдөрүнүн «улутчул диктатура программалары мамлекетке кирип келүүдө» деген ишенимге келишине себеп болду.

Пуштун улутуна таандык айрым адамдар бийликте өздөрүн пуштундардын коргоочусу жана өкүлү кылып көрсөтүүгө урунууда. Бирок, ошого карабастан, ар түрдүү себептерге карай, бул адамдарды жана Карзайдын бийлигин пуштундар да жаман көрөт. Пуштундар жашаган айрым региондордо турган Америка күчтөрү бегене күч, жат маданият болуп саналат о.э. афган жана Ислам салттарынын өтө көп тебеленишине жоопкер

болуп эсептелет. Мындай тебеленүүлөргө мисал кылып чет элдик баскынчылардын үй-жайларды тинтүүлөрүн келтирүүгө болот. Башкача айтканда, бийлик улутчул бөлүп-жаруу саясатын жүргүзүп жаткан болсо да, бирок, артыкчылыкка ээ улуттагы топтор (пуштундар) да бийликти жана баскынчыларды аябай жек көрөт.

Кыштактар жана калктуу пункттар Кошмо штаттар жана коалиция күчтөрүнүн чабуулдарына өтө көп дуушар болот. Бул чабуулдар өтө чоң зыян жеткизет. Уруулардын айрым шейхтери (аксакалдары) афган президенти менен болгон учурашууда ага бул зордук-зомбулуктар жөнүндө көп жолу даттанышты. Карзай өкмөтү Америка күчтөрүн өз аскердик операцияларын бийлик менен келишип, ылайыкташтырып алууга бир нече жолу чакырганына карабастан, бул чакырыктардан эч бир майнап чыккан жок. Анткени, Америка күчтөрү адамдарды «Талибан» кыймылы жана каршылык көрсөтүүчүлөр тарабына өтүүдөн тосуу үчүн күч иштетүү саясатын дагы деле улантууда. Америкалыктарда да «уруулар каршылык аракетиндегилерди колдоп-кубаттап жатат жана аларды башбаанек менен камсыздап жатат» деген ишенимдин өкүмдарлыгы көрүнүп турат. Ошондуктан, алар катардагы адамдарга да душман катары карашат.

- **Бузукулуктун кең таркалышы:**

Афганистан өзүнүн байыркы, Исламий акыйда терең тамыр сайган маданияты менен таанылган өлкө. Ал эми, Америка Афганистанды басып алары менен эле бул өлкөдө батышча эркиндиктерди тез жана толугу менен колдонууга киришти. Бийлик да, Батыш көзөмөлү астындагы «көз карандысыз» деп аталган массалык маалымат каражаттары да Исламий баалуулуктарга жана афган салттарына бүтүндөй карама-каршы болгон программаларды тарката баштады. Мисалы, индияча ырлар, актриса аялдар дээрлик жылаңач абалда көрүнө турган Америка фильмдери жана афган коому таптакыр кабыл албай турган романтикалык сүйүү окуялары эфирге бериле баштады. Мектептер жана адамдар топтоло турган жайларда эркек

жана аялдар аралаш жүрө турган болуп калды. Базарларда арактар көбөйгөндөн көбөйдү. Бузукулук уясы болгон кытай ресторандары борбордо бардык жакты басып кетти. Булардын баары коомчулук пикиринин аста-секин бийлике каршы өзгөрүшүнө алып келди.

Жакында, афган жихадынын 28-апрелде жеңишке жетишкенине он үч жыл толушу менен өткөрүлгөн майрамдык салтанатта окуу жайлардын жүздөгөн студент кыздары ар түрдүү кийимдерди кийип, борбордук стадиондо миңдеген эркек көрүүчүлөрдүн алдында тамашалар көрсөтүштү. Афгандардын этикаты боюнча, азыр жүз берип жаткан нерселер коммунистик түзүм Афганистанда кылган иштерден эч бир айырмаланбайт. Ал эми афгандар болсо, коммунисттердин бул ишине каршы жыйырма жыл согуш алып барышкан эле. Мындай майрам салтанаттарына каршы билдирилген мамиле катары түндүк Бадахшандагы айрым мусулман уламалар жума хутбаларында афган бийлигинин жана өз жерлеринде чет элдик күчтөрдүн турушу шариятка туура келиши же келбеши жөнүндө суроо ташташты. Бир нече күн мурун болсо парламенттин бир нече мүчөлөрү бийлик Батыш маданиятын колдонуп, кеңири таркатып жатат деп даттанышты.

Кыскача айтканда, өкмөт да, чет элдик күчтөр да афган калкынын назарында мыйзамдуулугун эбак эле жоготкон. Дүйшөмбү күнү чыккан нааразылык демонстрациялары, жада калса, полиция да бийликке жан тартпашын көрсөттү. Полициячылар адамдардын демонстрацияны улантууларын абзел көрүштү. Полициянын өзү да бул демонстрацияга аралашып кетишине аз калды. Бул болсо полиция да афган коомунун бөлүнгүс бир бөлүгү экенин жана Америка аскерлеринин Сара Шумалийде афгандарды кыргандыгы полиция кызматкерлерине да ушунчалык катуу таасир эткенин даана көрсөтүп турат.

**Афган өкмөтү калк үчүн кайгырбайт**

Афганистан өкмөтү афган элинин кызыкчылыктары үчүн эмес, тескерисинче, бийликтеги бир ууч адамдардын о.э. чет элдик баскынчылардын кызыкчылыктарын коргоо үчүн тикеленгенин демонстрациялар анык көрсөттү. Анткени, бийлик ошол демонстрациялар учурунда катардагы адамдарды коргоо үчүн эч кандай чара колдонбоду. Отчёттордо билдирилишинче, коргоо министрлиги өз күчтөрүн жана танктарын ушул министрликтин жана ага коңшу президенттик сарайдын айлана-тегерегине тизип койду. Ички иштер министрлиги да полицияны министрлик имаратынын айланасын курчап туруугa тартты. Шаарды болсо колго илинген нерсени уурдап жана талап кетиши үчүн ошол тос-тополоңдон пайдаланган кишилерге тапшырып коюшту. Дүкөндөрдүн эшик-терезелери сындырылды, товарлар таланды, айрым мейманканалар өрт ичинде калды, менчик «Ариана» телевидениесинин имаратына чабуул кылынып, анын терезе жана эшиктери талкаланды. Ошол жерде турган айрым автомашиналар күйгүзүп жиберилди. Ошого карабастан, өкмөт такыр аралашпады.

Бул окуя америкалыктар ишенсе боло турган армия жана полицияны түзүшпөгөнүн да көрсөтүп турат. Анткени, Америка Афганистандын коргоо жана атайын кооопсуздук күчтөрүн өнүктүрүүсүн каалабайт. Америка бул мамлекет өз коопсуздугун сактоо үчүн ар дайым чет элдик күчтөргө сүйөнүшүн каалайт. Бул болсо чет элдик күчтөрдүн Афганистанды ар дайым басып турушун кепилдейт.

**Тыянак**

Бул демонстрация стихиялуу түрдө (өз-өзүнөн) болуп өттү. Аны эч бир саясий тарап уюштурбады. Ошентсе да, көпчүлүк демонстранттар түндүк вилаяттардан келген адамдар экени даана көрүндү. Кийинчерээк аларга борбордо жашаган бардык улуттардын өкүлдөрү кошулду. Жада калса, полициячылар да (алардын көпчүлүгү Панжшер вилаятынан эле)

америкалыктарга карай таш урууга катышышты. Айрым күбөлөрдүн айтымында, айрым полициячылар Америка күчтөрүнө карата ок да атышкан.

Эми мындай суроо туулат: Кыжырданууну мындай өтө кыска мөөнөт ичинде билдирүүнүн артында турган чыныгы себеп, фактор эмне?

Жогоруда айрым бир социалдык факторлор айтып өтүлдү. Бул жерде жакында бети ачылып калган дагы бир нерсе бар. Өкмөт бардык башка улуттагы топторду аста-секин бир четке сүрүп, алардын ордуна пуштундарды коопсуздуктагы эң негизги кызматтарга өткөзүп, ачыктан-ачык улуттук бөлүнүү саясатын жүргүзүүдө. Бул болсо талибдерге каршы күрөштө америкалыктар менен союз түзгөн ошол улут өкүлдөрүнүн кыжырын кайнатары анык. Түндүктө каршылык көрсөтүлбөшүнүн бирден-бир себеби ошол региондордо күчтү көзөмөлдөп турган кишилердин унчукпай сүкүт сактап турушу. Ал эми, ал кишилер т.а. кудум совет баскынчылыгынын доорунда болгондой наразылык демонстрацияларын жана каршылык күрөшүн уюштуруу колунан келе турган кишилер унчукпагандыктары үчүн сыйлык катары долларлап чоң каражаттар жана айрым артыкчылыктар алып жаткан болушу ыктымалдан ыраак эмес.

Бул окуя афган коопсуздук күчтөрүнүн өтө чабал экенин анык көрсөттү. Жада калса, бул күчтөр борборду да коргой албады. Анткени, америкалыктар тынымсыз сайрап келе жаткан сөздөрүнө тескери иш тутуп, эгемендүү коопсуздук күчтөрүн пайда кылуу үчүн эч нерсе кылышпады. Алар муну менен бул өлкөнү коопсуздукка тиешелүү нерселерде ар дайым америкалыктардын «көзүн» карай турган кылып коюшту.

Ушуну менен бирге, бул окуя бийликте турган элитанын афган калкына карата кандай сезимде экенин да ачык көрсөтүп койду. Бул окуя куурчак өкмөт менен катардагы адамдардын ортосундагы жараканы дагы да тереңдеткенинде эч шек-күмөн жок. Мунун акыбетинде келип чыга турган нерселер болсо азырынча көзгө көрүнө элек.

Афган элинин үмүтү жокко чыгып, өкмөттөн көңүлү үч көчкөн журттай калды. Бирок, бул көңүл калууну туура багытты көздөй жолдоп жибере турган киши жок. Тилекке каршы, сасык улутчулдук, уруучулук афган калкынын эркин алсыратып жиберүүдө. Түндүк вилаяттардагы карапайым адамдар арасында көңүл калуу өкүм сүрүүдө. Түштүк вилаяттарда мындай абал азыраак көлөмдө болушу мүмкүн. Бирок, канткен менен да, экөөндө тең көңүл калуу бар. Ошого карабастан, эки тарап тең бири-биринен шек санайт, эки тараптын эч кимиси экинчисинин бул өлкөдөгү бийликти ээлешин макул көрбөйт. Бул болсо, калк тарабынан баскынчыларга карата боло турган ар кандай чыныгы коркунучтун жана каршылыктын күчсүздөнүшүнө себеп болот. Мындан тышкары, баскынчылар да ыплас максаттарын ишке ашыруу үчүн Афганистандагы мусулман боордоштордун ортосундагы мындай өз ара шектенүүлөрдөн кандай пайдаланышты абдан жакшы билишет.

**7-жумадул-аввал 1427-х.**

**3-июнь 2006-м.**

## Талибан менен өкмөттүн алакасы тууралуу суроого жооп

*Маалымат агенттиктери Пакистан жана Афганистан жетекчилери менен болгон Афган уруу башчыларынын жыйыны жөнүндө кабар таратты. Бул 2008-жылы, 28-октябрда болду. Агенттиктердин баса белгилешинче, жыйынга келгендер Талибан согушкерлери менен алака орнотууга келишип алышкан. Талибдер менен чындыгынан эле алакалар орнотулганбы же эми орнотулабы? Орнотулган болсо, бул алакалар эмнеге алып келет? Бул – Американын Афганистандан чыгышынан, анын таасиринин сынышынан далалат береби же Америкага жан тарткан бийликке кошулууга талибдерди аста-секин көндүрүүнү түшүндүрөбү?*

**Жооп:** Суроога жооп берүүдөн мурун төмөнкү иштерди түшүнүп алуу керек болот:

Биринчиден: Болуп өткөн жыйын Американын ыраазылыгы менен гана болушу мүмкүн т.а. бул жыйындын артында Америка турат. Бул жердеги негизги «оюнчулар» Пакистан жана Афганистан өкмөтү. Жада калса, жыйынга келген уруу башчылары да бул эки өкмөткө душман эмес. Кала берсе, жыйын Исламабадда болуп өткөнү саясатты күзөтүп барган ар бир кишиге Пакистан жана Афганистан бийлигинин экөөсү тең Америкага толук көз каранды экендиги сыр болбой калат.

Экинчиден: Америка Афганистанда чыныгы баткакка батып калды. Ал өзүнүн аскерий кошуундар санын 30000ден ашырып жибергендигине жана НАТОго мүчө союздаштарынын жардамына карабастан, абалды туруктуулаштырууга дагы деле кудурети жетпей келе жатат. Анын Афганистанга кошумча күч жиберүү жөнүндөгү талабы союздаштары тарабынан четке кагылышы аны баткакка андан да тереңирээк батырып таштады. Талапка жооп бергендер да жтишпей турган даражада аз көлөмдө кошуун жиберишин маалым кылышкан. Канада премьер-министри Американын жардам талап кылганына жооп иретинде региондон чыгып кетүү ниетинде экенин билдирди. Британиянын куралдуу күчтөр командачысы Американын шерменделигине күлүп Афганистанда кескин аскерий жеңишке жетише албастыктарын билдирди. Британия армиясынын аскерий операциялар боюнча жооптуу генерал Питер Уолл  кошумча күч жиберүүдөн катуу эскертти. Ал парламенттеги коргоо иштери комиссиясы алдында отчёт берип: «Тынчтыкка жетишүү үчүн Афганистанга мамлекет тарабынан кошумча күч бөлүү абдан ката иш», - дейт. Германия өкмөтү аскерлер санын көбөйтүүнүн ордуна аларды кыскартышын маалым кылды. Сол саясатчылар Германиянын Афганистанда туруктуу тынчтык орнотуу операциясында атайын даярдыктан өткөн аскерийлер (спецназ) менен катышууну токтотууну талап кылышты.

Ошентип, Америка Афганистанда чыныгы баткакка батып калды. Муну эч ким четке кага албайт. Жада калса, кичүү Буштун малайы Карзай да 2008-жылы, 30-октябрда муну тан алды: «Биз бир канча жеңиштерге жетиштик. Бирок, калк үчүн эң маанилүү болгон тынчтыкты орнотууга кудуретсиз болдук. Жолдорубуз тынч эмес. Түштүктөгү Кандагар шаарынан батыштагы Хирот шаарына машинада баруу мүмкүн эмес. Жада калса, Кабулдан 100 км алыстыкта жайгашкан Батия вилаятына өтүү да мүмкүн эмес». Бул кабарды «Рейтер» маалымат агенттиги да таркаткан.

Үчүнчүдөн: Албетте, Талибдер катуу күрөшүүдө. Алар Афганистандагы коопсуздук нукталарынын көбүн өз колдорунда кармап турушат. Алар бул тараптан абдан күчтүү. Бирок, алардын проблемасы ушунда, алар саясий аң-сезим тарабынан күчтүү эмес. Алар Афганистанды башкарып турган кездеринде Пакистандагы Мушарраф өкмөтү менен катуу алака байлашкан эле. Аларга «кандай кылып Мушурраф өкмөтү менен алака орнотосуңар, акыйкатта болсо, ал Америкага толук көз каранды го, Америка Пакистан аркылуу силерге аяныччтуу сокку беришинен коркпойсуңарбы?», деп суралганда, алар «Афганистандын Мушарраф өкмөтү менен алака орнотушу – жада калса, ал Америкага көз каранды болгондо да – бизге эч кандай зыян жеткирбейт. Балким, биз Мушаррафтан өз кызыкчылыктарыбыз жолунда пайдаланабыз», деп жооп беришкен. Кийинчерээк маалым болгондой, Мушарраф Талибан бийлигин кыйратуу жана талибдерди Афганистандан кууп чыгаруу үчүн Америкага Пакистандын жер-асманынан пайдалануу уруксат берди.

Талибдер менен алып барып жаткан жолугушуудагы талкууларды түшүнүү үчүн мына ушул ишти жакшылап түшүнүп алуу керек. Мындай алакалар жана жабык эшиктер артында өтүп жаткан жолугушуулар эч кимга сыр болбой калды. 2008-жылы, 30-октябрда Исламабадда болуп өткөн акыркы жолугушуу жөнүндө Карзайдын өзү да, БУУдагы Афганистан өкүлү да, Саудиянын тышкы иштер министри да маалым кылышты.

Талибандын айрым жооптуулары тарабынан баскынчы капырлардын күчтөрү бар болуп турган убакта да эч кандай сүйлөшүүлөргө барылбагандыгы баса белгиленсе да, бирок талибдер, мейли сүйлөшүү, талкуу же саясий тартышуу же кечки тамак үстүндөгү жөнөкөй жолугушуу, деп аташса да Карзай өкмөтү менен сүйлөшүүлөр өткөрүлгөндүгүн четке кагышпаган. Чындыгында, Талибандын Пакистандагы мурунку элчиси Абдуссалам Заиф «Рейтер» маалымат агенттигине маалым кылышынча: «Талибан делегацияси өткөн айда Саудияга сапар уюштурду. Делегация мүчөлөрү король Абдулла жана Афганистан өкмөтүнүн жооптуулары менен жолугушту. Алар 15-16 чакты эле. Талибан кыймылындагы мурунку жооптуулар болсо 8 чакты элек. Биз король Абдулла менен учураштык жана жолугушууда Афганистанга алакадар эч кандай саясий маселеде талкууга алынбады». О.э. Талибандын мурунку тышкы иштер министри Ахмад Мутаваккил да маалым кылды: «Өткөн айда Саудияда Афган өкмөтү жооптууларынын жолугушуусуна карабастан эч кандай тынчтык сүйлөшүүлөрү жүз бербеди. Ал жерде Талибандын өкүлү жок эле. Ал жөнөкөй табигый жана кечки тамак үстүндөгү жолугушуу гана болчу».

Америка майданда өзүн көрсөтпөстүккө урунушуна карабастан, айрым маалымат булактары ал же бул жол менен бул оюнда Американын да бар экенин ачып коюуда. «Уолл стрит журнал» гезити жогорудагы сүйлөшүү болуп өткөн күнү эле т.а. 2008-жылы, 30-октябрда Кошмо Штаттар да Талибдердин делегациясы менен сүйлөшүү алып баруу пикиринде экендиги жөнүндө кабар таратты. Кийин гезит ушуну да кошумчалады. Ак үй Афганистандагы Америка стратегиясын өзгөрткөндөн кийин анын Афганистандагы жаңы багыттагы стратегиясы иштелип чыккан. Албетте, Талибдер менен кызматташтык кылуу үчүн сүйлөшүүлөр өткөрүү Кошмо Штаттар үчүн пландагы иш болду.

Кыскасы жолугушуулар болуп өттү жана мындан кийин да болот. Исламабад жолугушуусу Талибдер менен алака байлоого келишип

алынганын жарыя кылды. Катышуучулардын белгилешинче, келерки жолугушуу 2 же 3 айдан кийин Кабул шаарында болуп өтөт.

Ко-ош, бул алакалар эмнеге алып келет? Американын Афганистандан чыгып кетишине жана анын таасиринин кыйрашынабы? Же Талибандын бийликке кайтышынабы? Же Талибдерди Америкага дос болгон өкмөттө түздөн-түз же жашыруун катышууга аста-секин көндүрүүгөбү?

Жооп ушул, Америка Ирак баткагынан чыгууну каалагандай Афганистан баткагынан да тезирээк чыгып кетүүнү каалайт. Ал ар эки мамлекетте жеңилүү ызасын татты. Айрыкча, анын союздаштары Афганистанда пайда таппай калып кетүүдөн, балким бул жерде пайда ордуна чоң жоготууга учурагандыктары анык болуп, мындан наарazы боло башташты. Пакистандын Вазиристан жана уруулар жайгашкан региондорунда да Америкага каршы кармашуу катуу болду. Ошондуктан, талибдер менен сулх-келишим түзүү Америкага анын Пакистандагы малайларына каршы согушту токтотот. Ошол эле учурда, Америка Афганистанда өзүнүн таасирин жана кызыкчылыктарын коргой турган, тынчтыкты сактоо жүгүнөн кутулта турган көз каранды, малай союздаш өкмөттү түзүүнү каалайт. Ошондуктан да, ал өзүнүн Пакистан жана Афганистандагы малайларын ишке салып сүйлөшүү жолу менен Талибанга уу аралашкан балды сунуштай баштады.

Талибан Афганистанды басып алган күчтөргө каршы чындыгынан катуу күрөштү. Алар мамлекетти баскынчы капырлардан тазалап, кийин Афганистанда капыр мамлекеттерге, айрыкча Америкага көз каранды болбогон абалда өкүм жүргүзүү максатында күрөшүүдө. Бирок, Талибандын сүйлөшүүлөргө кириши Америка жана анын Афганистан, Пакистандагы малайлары жакшы билген, Талибандын өзүнө болсо белгисиз болгон башы туңгуюк көчөгө кириб калуу болуп эсептелет. Эң кооптуусу, Талибанды сүйлөшүү жолдору менен бериле турган уулуу бал менен алданып калышында. Эгер, ал алданса, Афганистан жана Пакистандык

сүйлөшүүчүлөрдү жакшы, деп ойлой башташат. Алардын Америка тарабында экенин аңдап-сезбей калышат.

Талибандын Афганистан жана Пакистандагы Америка малайлары менен өзгөчө Исламга жакыныраак деген күмөндө – акыйкатта болсо, Исламдан көрө Батышка жан тарткан – Саудия акимдери менен сүйлөшүүлөргө киришиши анын кулоого учурашышынын алгачкы кадамы болот. Бул сүйлөшүүлөрдүн жолугушуу, жөнөкөй жана кечки тамак үстүндөгү талкуулашуу, деп аталишында айырма жок. Булардын баары сүйлөшүүгө кирет.

Жогоруда Талибандын мурунку элчиси жана анын мурунку тышкы иштер министринин сөздөрүн айтып өттүк. Алар жолугушууларды тан алышты. Бирок, муну сүйлөшүү же келишим, деп аташпады. Сүйлөшүү сөзүн ар түрдүү башкача сөздөр менен жасалгалоого урунушту.

Кыскасы, Талибандын Американы сүрүп чыгарбай туруп,  анын өзү менен же анын малайлары менен сүйлөшүүлөргө киришиши – анын түздөн-түз же жашыруун Америкага көз каранды болгон бийликте шерик болушуна көндүрүү болуп эсептелет.

Биз Алла Субханахудан Талибдердин баскынчылык көлөкөсүндөгү мындай сүйлөшүүлөргө кирбестигин, Талибан үчүн сунушталып жаткан уулуу бал менен алданып калбастыгын, Талибдер Афганистан жана Пакистан жетекчилерине Америкага карагандай көз караштарын, Американын баткакка мойнуна чейин батып калганын жакшыраак аңдап-сезип жетүүлөрүн сурап калабыз.

**4-зул-каъда, 1429-х.**

**2-ноябрь, 2008-м**.

**АКШнын Афганистан боюнча акыркы чечимдери боюнча**

**Суроо:**

*Афган согушуна 10 жыл болсо дагы, Америка дагы эле анын баткагынан чыга албай жатат... Обама Афган согушун өзүнүн биринчи даражалуу вазыйпасына айлантууга убада берип, Буш жетекчилигин ушул согушка көңүл бурбай жаткандыкта айыптады. Обама бийликке келип, Афганистандагы терроризмге каршы стратегия иштеп чыккандан бери Америка ушул стратегияга тескери иштерди жасап жатат. Мисалы, Америка Афганистандагы аскерлердин санын көбөйттү го, бирок, кийин бул көбөйтүлгөн аскерлерди 2011-жылы алып чыгып кетишин айтып, ушул стратегияга зыян жеткирип жатат. Көптөгөн жооптуулар, анын ичинен, генерал Петриус бул активдүү стратегия эместин айтышты. Ал тургай, айрым отчёттордо Америка тышкы иштер министрлиги менен Америка армиясы ортосунда күрөш жүрүп жатканы да айтылды.*

*Ошондой болгон соң, Америка Афган согушунун баткагына баткан болсо да, ал жерге канчалык маани берип жатат? Мурдагы республикачылар жетекчилиги менен азыркы демократтар жетекчилиги ортосунда чыныгы карама-каршылык барбы? Обама менен анын командачылары ортосундагы карама-каршылык тууралында айтылып жаткан болсо да, Обама өзү түзгөн Афганистандан кошуунду алып чыгып кетүү планына олуттуу карайбы? Бул жерде, өзгөчө, Европа ушул согуштан «кейип жаткан» о.э. Афганистандан кошуундарды алып чыгып кетүү маселесинде өз пландары бар экени тууралында кабар чыгып калганда, коңшу мамлекеттердин ролу кандай? Ушул иштерден эмнени күтсө болот?*

**Жооп:**

1 – Келгиле, жакшысы Орто Азия жана анын айланасынан тартып, Азия чыгышына чейин созулган жана Европаны кесип өткөн, тарыхий Евразия регионунун бир бөлүгү болгон ушул регион тууралында айрым америкалык саясий талдоочулардын кээбир

пикирлеринен баштайлы: Збигнев Бжезинский бул регион жөнүндө мындай деген:

«Бул регион жөнүндө сүйлөй турган болсом, ал дүйнөнүн алдыңкы, күчтүү мамлекеттердин ичинде чоң регион болуп эсептелет. Дүйнөлүк кубатка умтулган тарыхий командачылардын баары Евроазияда жетишип чыккан. Калкы эң көп болгон жана үстөмдүктү каалаган (Кытай, Индия сыяктуу) мамлекеттер Евроазияда жайгашкан. О.э. Америка менен атаандашуучу бардык саясатчы жана экономисттер да Евроазияда. Андан тышкары, Кошмо Штаттардан кийин куралданууга каражат бөлүүчү жана экономикалык тармакта алты чоң мамлекет да Евроазияда жайгашкан. Евроазиядагы ушул чоң мамлекеттердин баардыгы ядролук куралга ээ. Бирөөсү гана ядролук куралга ээ эмес. Дүйнө калкынын 75%ы да ушул жерде. Дүйнөлүк жалпы ички продукциянын 60%ы о.э. дүйнөлүк энергетика запасынын 75%ы Евроазияда. Кыскасы, Евроазиядагы күчтөр Америкага көлөкө түшүрүүчү таасир кубатына ээ. Евроазиянын потенциалы эки регион, т.а. Батыш Европа жана Чыгыш Азия региону үстүнөн таасир күчүнө ээ. Бул болсо, өз-өзүнөн, ушул потенциал Евроазияга Ортоңку Чыгыш жана Африка үстөмдүгүн берет деген кеп. Өзгөчө, Евроазия кубатын бөлүштүрүп алуу маселеси Американын дүйнөлүк үстөмдүгү жана тарыхий мурасы үчүн күчтүү мааниге ээ болуп турат». («Евроазия үчүн геостратегия жана тышкы иштер», 1997-жыл, сентябрь).

Жорж Фридман өзүнүн «Келе жаткан 100 жыл жана 21-кылымда күтүлүп жаткан иштер» аттуу китебинде мындай жазат:

«Кошмо Штаттардын түпкү максаты бар, ал да болсо, Евроазияда Америкага атаандашуучу кандайдыр бир чоң күчтүн пайда болушуна жол койбоо. Америка кызыгууларынын айырмалуу жагы ушул, Америка үчүн мына ушул күчтүн пайда болушунун алдын алуу өз күчүн регионго киргизүүдөн көрө жакшыраак! Ошондуктан,

Американын башка күчтөр үчүн ачык болгон региондордо алып бара турган саясаты туруксуздук, карама-каршылык, тартипсиздикти жаюу, мына ушул күчтөрдү бутка тургузбоо үчүн тоскоолдуктарды коюу. Бул саясат Американын барган сайын күчөп жаткан Исламий толкундар каршысындагы аракети менен, т.а. чоң күчтүү Ислам мамлекетинин жүзөгө келишинин алдын алуу үчүн исламий региондордо туруксуздукту жаратуу аракети менен түшүндүрүлөт. Кыскасы, Евроазияда тынчтыкты орнотуу Америка кызыкчылыгына кызмат кылбайт... Өзү менен атаандаша турган кандайдыр бир чоң күчтүн пайда болушунун алдын алуу Американын кызыкчылыгына канчалык туура келсе, региондун ийгиликке жетишүүсү да Американын кызыкчылыгына ошончолук тескери. Ошондуктан, Американын негизги көйгөйү ал жердеги режимдин туруктуулугу эмес, тескерисинче, Евроазия регионунда туруктуулукту изинен чыгаруу».

2 – Албетте, Евроазиянын негизги бөлүгүн түзгөн регион Орто Азия, Афганистан, Пакистан жана Батыш Иран. Арийне, Кошмо Штаттардын биринин артынан бири келе жаткан жетекчилигинин негизги этибарын – неоконсерваторлор жана реалисттердин идеологиялык ыктоолоруна карабастан – Американын региондогу үстөмдүгүн бекемдөө үчүн Афганистан менен Пакистандан АКШнын долбоору үчүн пайдаланууга каратып жатканынан таң калбасак да болот. Чындыгында, Афганистан менен Пакистандан Советтер Союзунун жеңилүүсү үчүн пайдаланылганы Кошмо Штаттардагы саясатчылардын эсинен дагы эле чыккан жок. Жакында Бжезинский интервьюда өткөн кылымдын сексенинчи жылдары Афганистан менен Пакистан Россияга каршы эң чоң согуш майданы болгонун моюнга алды. («Россия Сегодня» гезити, 2010-жыл, 26-сентябрь). Мындан улам, Америка 2001-жылы 11-сентябрь окуясынан кийин күмөн астындагы Афган согушу аркылуу өзүнүн стратегиялык максаттарын бекемдеп

алууга урунууда. Американын бул стратегиясы төмөнкү максаттарды камтыйт:

•Россия менен Кытайдын Азия жана Европага болгон үстөмдүгүн кайтаруу;

•Халифалык мамлекетинин алдын алуу;

•Каспий деңиздеги о.э. Ортоңку Чыгыштагы нефть жана газга үстөмдүк кылуу;

•Каспий деңизи жана Ортоңку Чыгыштагы углеводородго үстөмдүк кылып, аны өзүнүн өтө маанилүү кызыкчылыктары үчүн ташып кетүү.

Американын ушул максаттары боюнча республикачылар менен демократтар же неоконсерваторлор менен реалисттер ортосунда пикир келишпестик жок. О.э. Американын Афганистанга согуш ачып, ал жерде узак убакыт турушу, Афганистандан коңшу мамлекеттердеги, өзгөчө, мурунку поссоветтик мамлекеттердеги туруктуулукту изинен чыгарууда пайдаланууда да алардын ортосунда карама-каршылык жок. Келишпестик согуш майданындагы максаттарда. Башкача айтканда, Американын жакынкы кезде ушул максаттарын ишке ашыра алышында о.э. Америка аскерий күчтөрү ойноп жаткан негизги ролдун активдүүлүгүндө, ошону менен бирге, баскынчылык табиятында.

Буш доорунда Америка жетекчилиги бүтүндөй Ирак менен алек болду. Бул болсо, Талибанга өз сабын кайра тартиптештирип, Афганистанга кең жайгашып алышына мүмкүнчүлүк берди. Мындай абал Обама президент болгонго чейин өзгөрбөй турду. Ал президент болгондон кийин, Афганистандагы операция стратегиясын кайра карап чыгууга о.э. паштун каршылык кыймылын моюн сундуруп алуу үчүн жаңы механизм иштеп чыгууга киришти. Афганистандагы абалды толук карап чыккандан кийин, төмөнкү максаттарга токтолду:

а) Афган бийлигинин өлкөгө үстөмдүк кылуудагы кубатын күчөтүү. Бул болсо, Афганистандын коопсуздук күчтөрүн, полициясын жана армиясын түзүүнү, жөндөмдүү жана жан тарткан адамдарды дайындоону о.э. бийликтеги коррупцияга чек коюуну түшүндүрөт;

б) «Ал-Каида» уюмун о.э. Америка баскынчылыгына каршы болгон паштундар тобун жеңип чыгуу;

в) Талибан сабындагы муътадил согушкерлерди борбордук бийликке иштөөгө үгүттөө;

г) Иран, Индия, Россия, Кытай жана башка мамлекеттерди Кошмо Штаттардын Афганистан проблемасын регионалдык агымда чечүүдө шерик кылуу.

3 – Дагы бир жолу айтып өтүү керек, ушул согуш майданындагы максаттар Буш жетекчилиги доорундагы максаттарга салыштырганда, жалпысынан эмес, майда деталдарында эле айырмаланат. Бирок, эки доор ортосундагы негизги айырма ушул максаттарды ишке ашыруу үчүн колдонулган ыкмаларда. Башкача айтканда, Афганистанда жайгашкан Америка күчтөрүнүн саны жана канча убакытка чейин турушунда о.э. бул согушта Пакистандын аралашуусунда айырмаланат. Буш жетекчилиги ушул согуш майданындагы максаттарды Америка күчтөрүнүн көлөмүн чектөө аркылуу о.э. Пакистанды уруулар регионунда көбүрөөк үстөмдүк кылууга аста секин үндөп баруу аркылуу ишке ашыруу мүмкүн деп эсептеген. Ал эми, Обама болсо аскерий да, шайлоо саясатын дагы кабыл алды. Мисалы, бир тараптан Афганистанга Америка армиясын көбүрөөк жайгаштырып, америкалык аскерлерди көбүрөөк көлөмдө жиберүүгө о.э. уруулар регионундагы согушту улантууда Пакистанды негизги роль ойноого мажбур кылууга аракет кылып жатат. Экинчи тараптан, 2012-жылы Афганистандагы Америка күчтөрүнүн санын азайтууга убада берүү менен америкалык шайлоочуларды ыраазы кылууга урунуп жатат!

2009-жылы 1-декабрда Обама мындай деди: «Мен бул кече 30,000 кошумча күч жиберүү туурасында жарыя кыламын. Бул күчтөр куралдуу топторду бутага алып, негизги калк жайгашкан пунктуларда тынчтык орнотуу үчүн 2010-жылдын биринчи чейрегинде мүмкүн болушунча батыраак Афганистанга жайгаштырылат. Ушул кошумча күчтөр, Америка күчтөрү жана эл аралык күчтөр бизге жоопкерчиликти афган бийлигине тезирээк тапшырышыбызга мүмкүнчүлүк берет о.э. 2011-жылдын июлунда Афганистандан күчтөрүбүздү алып чыгып кетүүнү башташыбызга жардам берет». («Америка добушу» Онлайн кабарлары). Ошентип, Американын ушул 30,000 кошумча аскери менен америкалык аскерлердин саны 100,000ге жетет. Азыркы учурда Афганистандагы чет элдик күчтөрдүн жалпы саны 150,000ди түзөт. Алардын 100,000и америкалык аскерлер. Америка коргоо министрлигинин 2009-жылы 15-декабрдагы отчётуна ылайык, 2009-жылы сентябрдан тартып Афганистанда коопсуздук, транспорт жана материалдык-техникалык жактан кызмат көрсөтүүнү камсыздоо үчүн келишим негизинде иштеген аскерлердин саны 100-104 миңге жеткен. Ошондуктан, Кошмо Штаттар жетекчилиги астында кызмат кылып жаткан күчтөрдүн жалпы саны 250,000ди түзөт. Афганистан чегараларынан тартып, Пакистандын уруулар регионунда болсо 140,000 күчтөр бар (интернет аркылуу «Фажр» гезитинин 2010-жылдагы 2-февралдагы санынан). Бул болсо, Талибан кыймылы 390,000 тегерегиндеги күчтөргө каршы согуш алып барып жатканын түшүндүрүп турат.

4 – Азыркы учурда күчтөрдү алып чыгып кетүү убадасы жокко чыгып, Обама жетекчилигинин арасында о.э. Обама менен анын аскерий механизми ортосунда жаңжал башталды. Чоң саясий жооптууларга кошумча, аскерий машыгуу жетекчилери – жада калса 250,000 аскерийлер менен да, согуш майданындагы максаттарды жүзөгө

чыгаруу үчүн Обама тарабынан белгиленген убакыт жадыбалына моюн сунуу менен да бул максаттарды ишке ашырып болбойт деп эсептешти. Обама менен Армия ортосундагы кескиндиктин курманы болсо, генерал Стенли Маккристал болду. Обама аны Афганистандагы армия командачылыгынан бошотуп жиберди. Обама аны бошотуп жатып, генерал Стенли Маккристалдын билдирүүсү анын жетекчилигине терс таасир көрсөтүшүн айтып, дагы мындай деди: «Анын мындай мамилеси жарандыктын аскерий уюмду көзөмөлдөп турушуна зыян жеткирет. Акыйкатта болсо, жарандык биздин демократиялык түзүмүбүздүн негизги маңызы болуп эсептелет». («MSNBC.com», 2010-жыл, 23-июнь). Пентагон Маккристалды кууп жибергенден кийин да Обаманын Афганистандан кошуундарды алып чыгып кетүү жөнүндө берген убадасына дагы эле күмөн менен карап жатат. Коргоо министри Роберт Гейтс болсо, Маккристалдын ордун ээлеген генерал Девид Петриуска колдоо көрсөттү. Роберт Гейтс күчтөрдү алып чыгып кетүү планы «учурдагы шарттарга карап болгондугун» баса белгиледи. Кийин мындай деди: «Генерал Девид Петриус согуш болуп жаткан жерди өз көзү менен көргөндөн кийин, президенттин стратегиясына жалпысынан макул болот, абалды өзү көз карандысыз оңдоп, президентке өз кеңештерин берип турат. Бул болсо, ар кандай аскерий командачынын милдети. Президент да анын кеңештерин алкыштайт. Бирок, акыры келип, ушул стратегияга өзгөртүүлөр киргизүү зарыл болуп калса, буга президент чечим чыгарат». (CBS News 2010-жылы 24-июнда интернетте кабар кылды).

Өткөн август айында Америка аскерий деңиз жөө күчтөрүнүн командачысы генерал Жеймс Конвей аттуу дагы бир командачы да Афганистандан кошуундарды алып чыгып кетүү мөөнөтү туурасында күмөн билдирип, мындай деди: «Биздин пикирибизде, кошуундарды алып чыгып кетүү жөнүндөгү убакыт душманыбызга күч бериши

ыктымалдан алыс эмес... Себеби, азыркы абал «сабыр кылгыла, биздин узак мөөнөт бекем туруудан башка аргабыз жок» деп көрсөтүүдө. Мен абалды өз пайдабызга чечүү үчүн Афганистанда бир канча жыл калышыбызга туура келет деп толук ишеним менен айтамын ». («BBC News Online»).

5 – Бирок, Обама менен армия ортосундагы бөлүнүүгө Боб Вудворддун «Обама согуштары» аттуу китеби көбүрөөк күбөлүк берүүдө. Вудворддун айтымында, Американын 2009-жылдагы Афганистан стратегиясын үйрөнүү жана аларды оңдоп-түзөтүүдө президент Афганистандагы максаттары жөнүндө сүйлөп жатып, жеңиш тууралында сүйлөөдөн өзүн алып качкан.

Обама Афганистанда кыска убакыт ичинде татаалдашып кеткен абалда 30,000 кошумча күчтөрдү жиберүүгө мажбур кылган себептерди актоо максатында Ак Үйдө мындай деди: «Биз Афганистанга кирүүнүн жана ал жерден чыгып кетүүнүн себебине байланыштуу бир планга муктажбыз». Дагы мындай деп кошумчалады: «Биздин алып барып жаткан ар бир ишибиз ал жерде турушубузду бекемдөөчү бир чекитке кандай жетип алышыбызга каратылышы тийиш. Мына ушул чекит биздин улуттук кызыкчылыктарыбыз болуп саналат. Ал жерде кандайдыр бир манёвр үчүн орун болушу мүмкүн эмес». Кийин кыска: «Менде муну ишке ашырышым үчүн эки жыл бар», - деди. Ушул китепте айтылышынча, Обама жакынкы жыйынында «кошуундарды алып чыгып кетүү жөнүндө стратегия иштеп чыкмакчымын» деген. Ал өзүнүн орун басары Жозеф Байден менен өткөргөн атайын жолугушууда Афганистандагы күчтөрдү көбөйтпөөнү сунуш кылган. Ошол эле учурда, Обама күчтөрдү алып чыгуу үчүн убактылуу план түздү! Муну өзүнүн шайлоо алды кампаниясында берген убадасы экендиги менен актанып мындай деди: «Убадамы аткарбашым менен

демократиялык партиянын жеңилүүсүнө салым кошум коюуга акым жок…». («Обама согуштары», Поп Уодвард).

6 – Кыскасы, жогорудагы адамдардын сөздөрүнөн президент Обама 2012-жылдагы Америка шайлоолорунан мурун Америка күчтөрүнүн бир бөлүгүн Афганистандан өз казармаларына кайтарууга этибарын каратып жатканы айкын болууда.

Ошол эле учурда, Америка армиясы кошуунду алып чыгып кетүү мөөнөтү узактырылышын катуу талап кылып, Обаманын кошуунду алып чыгып кетүү планына кескин каршылык билдирип жатат. Пентагон да ушул планга согуш майданындагы максаттарды аткарууга чоң кооп туудурат деп кароодо.

Ушуну да баса белгилеп өтүү керек, Обаманын бардык америкалык аскерлерди, т.а. 100,000 аскерди алып чыгып кеткиси жок. Мисал катары, жакында «Афганистанга байланыштуу изилдөөлөр борборунун» «алга ташталуучу жаңы кадам» аттуу беш пунктудан турган документи басылып чыкты. Документте көрсөтүлүшүнчө, Америка күчтөрү 2011-жылдын октябрь айында 68,000ге, 2012-жылы июль айында болсо 30,000ге кыскартылат. Мындай кадам менен Американын чоң көлөмдөгү армиясы бар экендиги тууралсындагы ички наааразылыктар толкунун жеңилдетүү үчүн жылына кеминде 60-80 миллиард доллар сарпталат.

Дагы бир изилдөөдө бул күчтөрдүн санын 50,000ге кыскартууга чакырылган. О'Хэнлон өзүнүн «Афганистан согушунда кантип ийгиликке жетишүү мүмкүн» деген китебинде «Обама Афганистанда 50,000ден ашуун аскерди кармап турган абалда кайра шайлануу үчүн өз талапкерлигин коюушу» жөнүндө пикир билдирет. («Тышкы иштер», 2010-жыл).

Бул болсо, келечекте Америка өз стратегиялык максаттарын белгилөөнү улантуу үчүн Афганистанда чоң сандагы армиясын сактап калышын түшүндүрөт.

7 – Корутунду: Обаманын 2011-жылы июлда Афганистандагы күчтөрдү алып чыгып кетүүдө бекем турушу Кошмо Штаттардын согуш майданындагы максаттарын жүзөгө чыгара алышына зыян жеткирди. Афганистанда Американын 100,000ден ашык күчтөрү бар, аларды алып чыгып кетүү үчүн белгиленген убакытка абдан аз калганына карабастан о.э. Европа көптөгөн кошуундарын жөнөтүү менен бул согушка өз салымын кошууну каалабай жатканына карабастан, Америка Афганистанга коңшу болгон миамлекеттерди согушка алып кирүүгө катуу урунуп жатат. Кече 2010-жылы 19-октябрда Америка «Афганистан менен байланыштуу эл аралык алакалар борбору» аркылуу Рим шаарында конференцияга жетекчилик кылды. Конференцияда 46 мамлекет, бир эл аралык уюм жана анын катарында «Исламий конференция» уюму катышты! Ал тургай, Иран да биринчи жолу келип олтурат. Американын өкүлү Холбрук Ирандын Афганистанда жүзөгө чыгарышы зарыл болгон ролу туурасында сүйлөдү. О.э. Америка коргоо министрлиги да Пакистанды өзүнүн көп сандагы аскерлерин уруулар регионуна жайгаштырууга мажбурлоого о.э. ал жерде жайгашкан куралдуу адамдар менен кызматташтык кылууга болгон этибарын каратып жатат. Америка паштундардын алып барып жаткан катуу каршылыктарына чек коюуга о.э. Талибан кыймылынын арасындагы белгилүү бир жамаатты афган бийлигине алып келүүгө аябай муктаж. Максат, өз баскынчылыгына афгандарды көндүрүү, өзүнүн аскерий жактан турушуна кооп салып жаткан коркунучту азайтуу. Бирок, Пакистан армиясынын Индиядан кооптонуп жатканы жана Пакистандын суу ташкынына батып калганы кайра кошумча аскерлерди жайгаштырууну орчундаштырып койду.

Учурда Америка учкучсуз башкарылган учактар жардамында уруулар регионуна жасап жаткан чабуулдарын, а түгүл, Пакистандагы өз малайларын да коркута турган даражада күчөтүп жиберди. Уруулар регионуна согуш ачуу менен эле чектелбестен, Пакистан аскерлерине да согуш кылышынын натыйжасында Пакистан режимин кыйын абалга салып койду. Натыйжада, режимдин НАТОнун кошумча жардам күчтөрү өтө турган афган чегараларын жаап коюшуна туура келди. Бирок, ал адамдардын ачуусун басып туруу үчүн эле убактылуу жаап туруп, кийин дагы кайра ачып койду...

Америка миңдеген аскерлерин Афганистанга жөнөтүп жатат... аны менен Пакистан акимдери тилбириктирип жатат... учкучсуз башкарылган учактар чабуулун күчөтүп жатат... муътадил жана муътадил эмес Талибанга какшаткыч соккуларды берип жатат… ушулардын баарына карабастан, дагы эле ал Афганистан баткагынан чыга албай жатат… Америка Афганистандагы өз таасир-айбатын сактап калышы же эч болбогондо ал жерден бутуна туруп чыгып кетиши үчүн, албетте, афган карышылык кыймылынан бир топту өзүнө оодуруп алышы шарт экенин түшүнүп турат. Же Ирак ойгонуу долбоорунан нуска алып, аны Афганистанга көчүрүү шарт болуп жатат. Көрүнүп тургандай, Америка ушул иштерди дагы эле жүзөгө чыгарган жок... Ушул таризде ал жаман абалдан дагы да жаман абалга карай мажбурдуу түрдө кадам таштай берет...

**12-зул-каъда, 1431-х.**

### Бин Ладендин өлтүрүлүүсү боюнча

**Суроо**: *Бин Ладин өлтүрүлгөн кылмыштуу операция жөнүндө бири-бирине тескери кабарлар тарады. Америка тарабынан берилген билдирүүлөр же Пакистан тарабынан берилген билдирүүлөр болобу, мунун айырмасы жок... Мисалы, айрым билдирүүлөрдө Пакистан режими бул операциядан кабардар болгону жана анын жардамы менен өткөрүлгөндүгү*

*айтылган болсо, башкасында бул маалымат бүтүндөй же кандайдыр бир деңгээлде четке кагылган...*

*Бул маселе боюнча анык көз карашты билдиришиңерди сурайбыз. Эгер, бул операция Пакистан режиминин жардамы менен ишке ашырылган болсо, анда, операцияны баштоо убакыты Пакистан режими менен кеңешип белгиленгенин түшүндүрөбү? Алла силерди жакшылык менен сыйласын.*

**Жооп**: Бул жерде операциядан Пакистан режими кабардар болгонун жана анын жардамында өткөрүлгөнүн, Пакистан Америка разведкасын операция өткөрүү үчүн зарыл болгон разведка маалыматтары менен камсыздаганын көрсөтүп турган бир нече күчтүү ишараттар бар:

1 – 2011-жылы 25-апрелде генерал Петрэус менен генерал Киянийдин ортосунда Шаклалдагы аскерий аба базасында өзгөчө жолугушуу болуп өткөн. Генерал Петрэус ошол эле күнү телефон аркылуу Ак Үй менен президент Барак Обама жетекчилигинде жабык жыйын өткөргөн.

Эртеси болсо, Пакистан аскерий координациялык кеңеши жыйын өткөрдү. Жыйында Пакистан разведкасынын башчысы генерал Шижа Паша катышкан. Негизи, ал бириккен штаб кеңешинин мүчөсү эмес болчу. Бул жыйынды өткөрүү да алдын ала белгиленбеген эле.

Барак Обама Усама бин Ладиндин өлтүрүлгөнү жөнүндө: «Акыркы өткөн аптада зарыл чараларды көрүү үчүн жетиштүү малыматтарды алганыбыздан кийин бир чечимге келдим. Усама бин Ладинди колго алып, адилет жазага тапшыруу үчүн операция өткөрүлүшүнө уруксат бердим», - деп билдирүү менен ошол телефон аркылуу байланыш болгонуна шилтеме кылып өттү.

(Алынган булак: http://www.dawn.com/2011/05/03/pak-military-caught-in-the-crossfire.html).

2 – О.э. Обама Усама бин Ладиндин армия бөлүктөрү жайгашкан Билал шаарында, аскерий блокпостторго алынган Пакистан аскерий академиянын жанында жашашын да айтты.

3 – Зардарий Пакистан тарап бул операцияда катышканын четке каккан болсо да, бирок, өз ара кызматташтык бул операцияны өткөрүүнү жеңилдеткенин тан алды. Зардарий «Вашингтон Пост» гезитине мындай деди: «Жекшемби күндөгү окуялар биргеликте өткөрүлгөн операция эмес болчу, бирок, ошого карабастан, Кошмо Штаттар менен Пакистан ортосундагы кызматташтык Усама бин Ладиндин – цивилизация дүйнөсүнө ар дайым коркунуч салып келген кооптун – жок кылынышына алып келди».

4 – Обама да Пакистан режими бул операцияга аралашпаган деп көрсөтүүгө урунган болсо да, бирок, Пакистан менен болгон кызматташтык Бин Ладин турган жайды билип алууга жардам бергенин тан алды. Обама мындай дейт: «Пакистан менен терроризмге каршы күрөштөгү кызматташтыгыбыз Бин Ладиндин жашырынган жайын билип алууга жардам бергенин баса белгилеп өтүү маанилүү».

5 – Буга чейин Ал-Каиданын бир нече мүчөлөрү, мисалы, ливиялык Абу Фараж, Халид шейх Мухаммад, Ахмад Халфан Жийланий камакка алынган. Алар да дал ушуга окшогон региондордо, аскерий имараттарга жакын жайгашкан региондордо же коопсуз жайларда колго алынып Америкага тапшырылган...

Ушуга ылайык, Пакистан режими бул кылмышка мурунуна чейин баткан деп айтууга болот. Бирок, Пакистан режиминин бул операциянын башталыш убакытын билиши шарт болбогон. Пакистан режиминин ролу өзүнүн кожоюнуна операциянын башталыш саатын белгилеши үчүн курманды өлтүрүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды жеткирип бере турган тыңчынын ролу болгон. Бул тыңчы операциянын башталыш убакытын билиши же билбешинин айырмасы жок. Себеби, ал кожоюнунун назарында муну билүүгө арзыбаган кор кимсе болуп саналат!!!

Сөзүбүздүн соңунда Пакистан калкынын, өзгөчө, Пакистан армиясынын көңүлүн төмөнкүлөргө бурмакчыбыз. Бул режим Пакистандын аянычтуу абалынын жана балээ-мусийбаттарынын негизги себепчиси. Бул режим Бин

Ладинди – Алла аны рахмат кылсын жана бейиш кеңдигине алсын – өлтүрүүгө тил бириктирүү менен эле токтоп калбайт, мусулмандардын канын ичүүнү токтотпойт... Ошондуктан, бул режимди кулатып, анын ордуна Халифалыкты тикелөө важиб. Мына ошондо, Ислам жана мусулмандар азиз болот, ал эми, куфр жана капырлар кор болот.

***«Алла Өз ишинде үстөмдүк кылуучу, бирок, адамдардын көпчүлүгү*** *(муну)* ***билишпейт»*** [1

**АКШнын Афганистандан чыгуу чечими тууралуу**

**Суроо:** *2017-жылдын 15-августунда «Талибан» кыймылы, Америка Афганистандагы куралдуу күчтөрүн толуктоонун ордуна, аскерлерин толук түрдө чыгарып кетүүсүн талап кылган кайрылуу катын Америка президентине жолдоду. («Russia Today», «РИА» новости, 2017-жыл, 15-август). Бул Трамптын Афганистан боюнча кабыл алып жаткан жаңы стратегиясына каршы Жооп катары болду. Талибан Америка кайрадан аскерлерин Афганистанга жөнөтүшүнөн кабатырланып жатат. Анткени, Ак үйдөгү жооптуулар Американын бул жаңы стратегиясы боюнча байма-бай билдирүүлөрдү бере башташты. 2017-жылы 10-августта жогоруда аты аталган булак Трамптын журналисттерге берген билдирүүсүн басып чыкты. «Трамптын админстрациясы «абдан жакынкы» аралыкта Афганистан боюнча жаңы стратегия кабыл алаары тууралуу айтты... Бул мен үчүн өтө чоң чечим. Мен баш аламандыкты мурас кылып алдым. Биз аны сезилээрлик даражада азайтууга аракет кылабыз». Ушулардан көрүнүп тургандай, Америка Афганистан боюнча жаңы стратегия кабыл алып жатабы? Бул жаңы стратегия, Америка жаңы куралдуу күчтөрүн Афганистанга жиберүүсүн камтыйбы же аскер жибербестен Пакистандын же Индиянын ролун Афганистанда күчөтүүсүн камтыйбы? Аллах сизге жакшылыктарын ыйгарсын.*

**Жооп:** Ооба, бүгүнкү күндө Америка Афганистан боюнча өзүнүн стратегиясын кайрадан караштырып жатат. Тагыраагы, «акыркы этап» деген аталышта Афганистанга кайрадан кирүүгө аракеттенип жатат... Трамп Афганистандагы Америка аскерий жетекчилигине да ачууланды. 2017-жылы 3-августта «Reuters» кабар агенттиги, Америка президенти Трамптын Америка аскерий жетекчилери менен Вашингтондо чыңалуу үстүндө өткөн жолугушуусу тууралуу басып чыкты. Жолугушуу, Трамп Америка коргоо министири Жейм Матиске, генералдык штабдын мүдүрү Жозеф Данфордго, Американын Афганистандагы аскерий жетекчиси Никсонду жумуштан алууну караштыруулары зарыл экендигин айткандан кийин чыңалуу алкагында өттү. Трамп Никсонду согушта ийгиликке жетише алган жок деп айыптады. Мына ушундайча Трамп Американын Афганистанда жүргүзүп жаткан согушуна шектүү карай баштады. Обама админстрациясы болсо дагы Американын Афганистан боюнча стратегиясын кайрадан караштырып чыкмак. Болгону азыр Трамптын админстрациясы кайрадан караштырып жатат. Американын стратегиясын кайра караштырып чыгуусуна, эл аралык көйгөйлөрдүн татаалданып жатышы жана анын дүйнөдөгү ордуна көлөкө түшүп жатышы себеп болууда. Ал төмөнкүдөй:

Биринчиден, Америка 11-сентябрь окуясынын шылтоосу менен Афганистанга каршы согуш жарыялады. Бул иш ошол убактагы кичүү Буш админстрациясындагы республикачылар тарабынан жүргүзүлгөн. Андан кийин 2003-жылы Иракка бастырып кирип аны басып алды. Америка Ирак кумуна көмүлүп калды жана андан чыгып кетүүгө аракет кыла баштады. Ушул себептен улам, Афганистандагы алып барып жаткан согушу экинчи орунга жылып калды. Ал баардык күчүн Ирак сазынан чыгып кетүүгө жумшады. Ирактагы каршылык кыймылы Буш админстрациясынын, кийин Обама админстрациясынын баш оорусуна айланды. Обама админстрациясынын жетишкендиги катары Америка куралдуу күчтөрү 2011-жылы Ирактан чыгарылды. Ушул мезгилге келип Америка эл аралык

майданда Кытайдын төбөсү көрүнө баштагандыгына каршы жаңы стратегия кабыл ала баштады. Бул маселе Обама админстрациясынын экинчи мөөнөтүнө дал келди. Американын бул жаңы стратегиясы бышып жетиле электе, балким ал даярдалып жаткан маалда Араб дүйнөсүндө жүз берген ыңкылаптар Американын ал жактагы таасирине коркунуч жарата баштады. Айрыкча, Сирияда ушундай абал жүз берди. Америка араб дүйнөсүндө жүз берген бул ыңкылаптардын коркунучуна каршы бар күчүн жумшоого өттү. Айрыкча, Сириядагы ыңкылап коркунучуна каршы жан үрөп бүткүл кубатын жумшады. Ошондой эле Ыраакы Чыгыштагы Кытайга каршы иш алып барууну улантты. Америка ишти Кытай аралдарын моюнга алуудан баш тартуу жана Жапонияны аскерийлештирүүнү жандандыруу менен баштады. Андан соң, Түндүк Кореяны козутуу жолуна түштү. Ушул себептер Американын Афганистанда ийгиликсиздикке учурашына түрткү болду. Американын Афганистанда согуш алып баруусу экинчи маселеге айланды. Ошондуктан, Афганистанда согуш алып баруу Америка үчүн негизги маселе болбостон, андан бөлөк маселелер анын көңүл борборунда болуп турду.

Экинчиден, Америка жана НАТО Афганистанда 16 жылдан бери согуш алып барса да ийгиликке жетише албагандыгы – Талибан жетекчилигиндеги «Афган каршылык кыймылынын» каршысында Америка толук ийгиликсиздикке учурагандыгын тастыктап турат. Талибан кыймылы 2001-жылы Американын Афганистанга бастырып кириши менен бийликтен кулаган эле. Ошентсе да Америка Афганистандагы малайларына туруктуулукту камсыздап бере албады. Бул да анын ийгиликсиздикке учураганын билдирип турат. Америка Афганистандагы каршылыкты токтотууга Индияны да аралаштырып, ишке салды. Бирок, ал да жардам бербеди. Пакистан аркылуу Вазиристанда согуш алып баруусу да жардам бербеди. Американын Афганистанда алып барган мындан башка иштери да ийгиликсиздикке учурашынан тосо албады. Талибан менен ымалага келишүү аракети да оңунан чыкпады.

Ошондуктан, Американын Афганистандагы 16 жылдык согушунан кийин анын Афганистандагы абалы аянычтуу абалга келип калды. Талибан кыймылы өлкө бойлоп күч алып баруудa. Кабулдагы Америка малайы болгон өкмөттүн эч кандай таасири калбады. Талибан кыймылы баардык аймактарда, ошондой эле борбор калаа Кабулда да күчтүү чабуулдарды кылууга өттү. Америка аскерлери ал жерде коопсуздукту камсыздай албай калышты. Тескерисинче, Афган армиясында Америка тарабынан машыгуудан өткөрүлгөн жеке аскер бөлүктөрү Америка куралдуу күчтөрүнө каршы чабуулдарды уюуштуруп жатышат. Ошондуктан, Американын Афганистандагы ыкмалары чектелип калды.

Афганистандын азыркы абалы жана андагы коркунучтар жөнүндө Американын «Карнеги» фондунун 2017-жылы 22-майдагы отчётунда айтылды: «Афган өкмөтүнүн алсыздыгы себептүү көзөмөлгө алынбаган Талибан кыймылынын кайра кайтып келиши, Афган өкмөтүнүн биротоло кыйрашына алып келет. Бул болсо, баш аламандыктын кайтып келишине же террористтик жамааттардын жанданышына шарт түзөт». Ошентип, бул отчётто Афган күрөшүнө чек коюуга басым кылынды. Мунун себеби, Америка бул согушта жылына 23 миллиард доллар чыгашага учурап жаткандыгы эмес, Американын Афганистандагы ыкмаларынын түгөнүп баратканы.

Обама админстрациясы учурунда Америка аскерлеринин көп бөлүгү Афганистандан чыгарылганына карабастан, оң натыйжасын берген жок. Учурда Афганистанда Американын 10 миң аскери, 3 миң НАТО аскери, 20 миң Америка коопсуздук кызматкерлери тургандыгына карабастан, эч кандай алдыга жыла турган иш кыла алышпады. Тескерисинче, Талибан кыймылы Америка аскерлери таштап кеткен базаларды тез арада басып алууда. Америка малайы болгон Афган өкмөтүнүн аскерлеринин санынын көптүгүнө жана аларды Америка машыгуудан өткөргөндүгүнө карабастан, Кабулдан тышкары жакта бирер иш кыла албай калды.

Үчүнчүдөн, жогорудагылар Американын Афганистандагы аскерий тараптан ийгиликсиздикке учурашы болду. Ал эми саясий өңүттөн карасак, Америка Афганистанда ыкмаларынын түгөнүп бараткандыгын түшүнүп жетти. Индия Афган маселесинде ийгилик жарата албаганына көзү жеткен соң, Талибан кыймылын Афганистандагы америкачыл өкмөткө аралаштыруу үмүтү менен Талибан кыймылына сүйлөшүүлөрдү өткөрүүнү сунуштоого урунду. Талибан кыймылынын жетекчилерин сүйлөшүүгө тартуу үчүн Пакистан өкмөтүндөгү малайларын ишке салды... Бирок, бул аракеттеринен да майнап чыкпады. Америка Афганистан маселесинде аскерий жактан да, саясий жактан да ийгиликсиздикке учурады. Жада калса, Америка алдында бул маселеге чекит коё турган чечим да жок. Американын Афганистан маселесин чече турган планы жок болгондугу үчүн сын-пикирлер майданына айланды. «Интерфакс» кабар агенттиги Орусиянын ТИМинин билдирүүсүн басып чыкты: «Америка мамбашы Дональд Трамптын Афганистанга карата белгилүү бир саясий планынын жоктугу бул өлкөдө башаламандык, туруксуздук жаралышына түрткү болот. Афган мамлекетинин турктуулугу жана ал өлкөдө аскерий жактан аралашып жаткан НАТОнун позициясы да ушуга байланыштуу болот. Ошондой эле өлкөдөгү жалпы кырдаалды жөнгө салуу саясий пландын бар же жогуна байланыштуу болот...» («Россия сегодня», 2017-жыл, 3-август).

Төртүнчүдөн, Ушуларга негизделип Америка Афганистанда канчалык деңгээлде кризиске батып турганын жана ыкмалары түгөнүп бүткөнүн көрүүгө болот. Бирок Америка Афганистандагы согушту биротоло токтото албаса дагы басаңдатууга муктаж болду. Анткени, ал аскерий жана экономикалык потенциалын коротууну токтотууга уруна баштады. Американын кээ бир аскерий жетекчилери Афганистанда Талибан кыймылынын үстүнөн жеңишке жетишүү үчүн кошумча аскерий күч зарыл деп билишет. Трамп болсо алардын бул сунушун кабыл алуу үчүн Афганистанда тез арада чеке жылытаарлык ийгиликке жетишүүнү шарт

кылды. Бирок, бул шартты аскерийлер аткара албайт. Анткени, алар 16 жылдык тажрыйбаларынын негизинде муну абдан жакшы түшүнүшөт. Трампты Афганистанда тез арада ийгиликке жетишүүгө түртүп жаткан нерсе Афган өлкөсүндөгү эбегейсиз кен байлык. Америка бул байлыктардын баасын триллион доллар деп баалаган. Буга кошумча, Афганистан Орто Азиядан келген мунайга коридор боло алат. «Аль-Дустур» газетасы «Нью-Йорк таймс»тын цитатасын басып чыкты: «Мүмкүнчүлүктөрдү караштырып чыгуу үчүн Ак үй Афганистандагы тоо-кен жооптуулары менен жолугуп келүүгө өзүнүн атайын өкүлүн Кабулга жөнөтүүнү караштырып жатат. Буга кошумча, өткөн аптада Ак үйдө Афганистан жаатындагы саясат маселеси боюнча талаш-тартыштуу жыйын болуп өттү. Трамптын белгилүү үч жардамчысы Афганистандагы аз кездеше турган кен байлыктарды казуу иштерин талкуулоо үчүн «Американ Elements» химиялык компаниясынын жетекчиси Майкл Силвел менен жолугушуу өткөрдү». Бирок, кошумча аскерий күчтү жиберүү жана кен байлыктарды иштетүү жеңил болушу үчүн Афганистандын темир жол сыяктуу инфрастуктурасын өнүктүрүү керек. Бул коопсуз чечимдердин катарына кирбейт. Ал тургай Трамп ойлогондой соода келишимин кылуу да мүмкүн эмес. Анткени ал кен байлыктардын көпчүлүк бөлүгү талибдер көзөмөлдөгөн аймакта жайгашкан...

Жогорудагыларга негизделип айта турган болсок, Трамп админстрациясы Афган малай өкмөтүн кулап калуудан сактап туруу үчүн Америка аскерлерин Афганистандагы аскерий базалардан тышкары чыгарбай кармап туруу ыкмасын колдонот. Афганистан маселесине аралашууда Индия ийгиликсиздикке учурады. Эми Америка Пакистанды кайрадан Афган маселесине аралашууга тартат. Американын ушул аракетинин баардыгы Афган козоголоңун токтотуу жана талибдерди Кабулдагы америкачыл өкмөткө аралаштырууга каратылган. Тактап айтканда, узакка созулган Америка согушун токтотуу... Мына ушундайча Америка Афганистандагы аскерий чыгашаларын кыскартууну жана коркунуч жаралган учурда гана

аскерий базаларын ишке салууну каалап жатат. Анын Афганистандагы аскерий базалары кудум Булуң мамлекеттериндеги базалар сыяктуу иш аткарып калуусун каалап жатат. Буга кошумча Талибан кыймылы менен байланынышын үзө элек Пакистандагы жүгүртөк малайларына жардам берүү аркылуу талибдерди Америка шарттарына көндүрүүгө жол ачуу. Мындан Американын үмүтү зор. Буга чейин, Обаманын учурунда Америка Пакистанды ишке салуу менен ийгиликке жетишкен эле. Тагыраагы, Афган өкмөтү өлкөдөгү экинчи үлкөн радикал жамаат болуп эсептелген «Ислам партиясы» менен келишимге жетишкен. Кол коюуда партиянын жетекчиси Колбудин Хикматияр болбосо да Афган мамбашы Ашраф Гани менен куралдуу жамааттын өкүлдөрү келишимге кол коюшкан. («BBC», 2016-жыл, 22-сентябрь). Мына ушул нерсе Американы «Талибан» маселесинде Пакистанды ишке салуусуна шык берди. Айрыкча, келишимге жетишилгенден кийин Хикматияр Кабулга кайтып келип, Талибан кыймылын Афган өкмөтүнө кошулууга чакыра баштады. «Афганистандагы исламий партиянын жетекчиси Колбудин Хикматияр «Талибан» кыймылынан Афган өкмөтү менен жетишилген келишимге кошулуусун талап кылды. Ал Кабулга келип, биринчи эл алдында сүйлөгөн сөзүндө чет элдик аскерлерди өлкөдөн тынчтык жолу менен чыгарууга жардам берүүгө Талибан кыймылын үндөдү». («Аль жазиира нет», 2017-жыл, 5-июнь).

Бешинчиден, көрүнүп тургандай Америка Кытай жаатында чоң коркунучка туш келди. Айрыкча, Түндүк Корея менен болгон алакасындагы чыңалуу күн санап күчөп жатат. Ошондой эле Сирия жааты да кооптуу абалда. Америка экономиканы жандантуу саясатында да толук ийгиликсиздикке учурады. Бул бир тараптан, башка тараптан болсо, Америка аскерлери Афганистанда ийгиликке жетүүдөн үмүтсүз абалга түштү жана жергиликтүү афган эли алдында Индия ролу да ийгиликсиздикке учурады. Хикматиярдын кайтуусу, Американы согуш менен ишке ашыра албаган ишти тынчтык келишими аркылуу ишке ашырууга үмүттөндүрүп койду.

Ошондуктан, ал Афганистанда Пакистандын ролун кайрадан жандантууга чечим кылды. Пакистандын ичкерисинде же Афганистан менен чектеш аймактарда Пакистан аскерлеринин чабуулдарын басаңдаты. Пакистандын жаңы аскерий жетекчиси Баджа акыркы сегиз ай ичинде өзүнөн мурунку аскерий жетекчи Рэйчел Шарифке карганда Пакистан армиясына көптөгөн аскерий операцияларды кылдырган жок. Рейчел Шариф Афганистан менен чектеш аймактагыларды «террористтер» деп атап аларга каршы ар түрдүү этапта аскерий амалияттарын ишке ашыруу менен белгилүү болгон. Баджанын учурунда чабуулдардын үнү Кашмир аймагында, Пакистан менен Индия аскерлеринин ортосунан угула турган болуп калды. Бул иштер ичкериде анын кадыр баркын көтөрүп, Талибан жетекчилери тарабынан кабыл алынышын шарттайт.

О.э Пакистан армиясынын жетекчиси Баджа «ИГИЛ»ге каршы күрөшүү шылтоосу менен Афганистанга жардам колун сунду. Башкача айтканда, «Терроризмге каршы күрөшүү» огун Талибан мужахиддери менен Вазирстандагы мужахиддерден ИГИЛге буруп койду. Бул иш аракет Афган өкмөтүндө да, Пакистандагы Рейчер Шарифге наараза болгон урууларда Баджанын аброюн көтөрүүгө салым кошот. Баджа Талибан кыймылы менен Афган өкмөтүнүн ортосунда жашыруун сүйлөшүүлөрдү өткөрүүдө. «Пакистан армиясынын жетекчиси Жавед Баджа ИГИЛ коркунучуна каршы күрөшүү үчүн Афганистанга «коопсуздук кызматташуу» колун сунду. Бул эки кошуна мамлекет ортосунда сейрек кездеше турган эки тараптуу мамилелердин өнүгүүсү болуп саналат. Генерал Баджа Афганистан менен коопсуздук кызматташуусун баштоо үчүн Афганистан чек арасына жакын жайгашкан «Пакистандын федералдык админстрациясы» катары таанылган уруулар жашаган Карам аймагында жума күнү жыйынга келди. Пакистан армиясынын жетекчиси сейрек кездешкен эки тараптуу мамилелерди өнүктүрүү боюнча Кабулга кайрылуу жасап мындай деди: Эки өлкө үчүн

«союз жана ойгоолук» керек. Биз мындай коркунучка каршы бирдиктүү, даяр жана ойгоо болушубуз шарт...» («Хвлииж Онлайн», 2017-жыл, 1-июль).

Баса белгилеп айта турган нерсе, Америка афгандарды айрыкча Талибан мужахиддерин жеңип өтүүдө алсыз болду. Афган мамбашы Саудиядагы самитте Трамп менен жолугушкандан кийин келишим тууралуу билдирди: «Эң зарыл нерсе Афган өкмөтү тынчтык келишимин каалайт. Талибан да ушуну тандашына үмүттөнөбүз. Эгер алар тынчтык келишимин тандашса, өздөрү каалаган нерсеге саясий жол менен мыйзам чегинде жетишишмек. Биз Талибанды терорчулардан оолак болот деп үмүттөнөбүз». («Аш шаркул Асвад», 2017-жыл, 25-май). Муну менен Америка «тероризмге» каршы согушуп жаткандардын катарында Талибан кыймылы жок экендигин билдирип, Талибанга ишара кылды. Тескерисинче, бул согушта Талибан Афган өкмөтү менен биргеликте согушуусу керектигин кыйытты. Кийин эгер Талибан ушундай кадамга барса, Америка куралдуу күчтөрун толук түрдө Афганистандан чыгып кетүүсүн талап кылып жаткан Талибандын талабы согуш жолу менен эмес, тынчтык жолу менен ишке ашуусу мүмкүн экендигине ишара кылды.

Алтынчыдан, корутундулап айтканда, Трамп Афганистан боюнча стратегияны кайра карап чыгуусу Америка саясаты дүйнө бойлоп корукунучка туш келип жаткан учурга дал келди. Жогорудагы айтылып өткөндөргө негизделип, Американын Афганистан боюнча стратегиясын кайра карап чыгуусу төмөнкүлөрдү өз ичине алат:

1 – Афганистан майданында армияны ишке салуу бир топ басаңдайт. Америка аскерий базаларын коркунуч жаралаган учурда гана иштетүүгө чектелет. Ал муну менен ИГИЛге каршы күрөшүү үчүн калгандай көрүнөт;

2 – Америка аскерлерин согушуу максатында Афганистанга жиберүүсү акыйкаттан алыс. Ал аскерлерин болгону кыска мөөнөткө жиберет, бирок согушуу максатында эмес. Американын аскерлерин сүйлөшүү айырбашы катары жиберүүнү максат кылууда. Тактап айтканда,

Талибан чегинүүлөргө барып, Афган өкмөтү менен биргеликте өкмөт түзүүгө макул болуп, сүйлөшүүлөрдү кабыл алса, анын айырбашына Америка да «чегинүүлөргө» барат деген түр жаратып, Афганистандан аскерлерин чыгарып кетет. Ошол эле маалда аскерлерди чыгарып кетүү эч кандай Америка кызыкчылыгына дал келбесе дагы ал чегинүүлөргө барды деген түр жараттууну каалап жатат.

3 – Талибанды азгырууну дагы да жеңилдетүү үчүн Америка Пакистан ролун кайра жандантууну башатады. Америка Талибанды Афганистандын малай өкмөтү менен сүйлөшүүлөргө барып, америкачыл саясий өкмөткө катышуусуна көндүрүү үчүн Пакистандын армиясына жаңы жетекчи дайындады жана ал жетекчи Талибанга карата жумшак мамиле кылууга өттү.

Жетинчиден, сөзүбүздүн акырында биз Талибан кыймылын Пакистандын малай акимдерине таянып калуудан же Пакистандын армия жетекчилиги Афганистанга карата жумшак мамиле кылуусуна азгырылып калуудан эскертебиз. Тарыхтан ибрат алуу зарыл. Пакистандагы малай акимдер болбогондо Америка Афганистанга кадам коё алмак эмес. Пакистан өкмөтүнүн Талибанга карата учурдагы жаңы саясаты – Афганистанда ашыкча аскерий чыгашага учурабастан, Афган өкмөтүн кулап калуудан сактоо. Бул максатын ишке ашыруу сценарийин Америка Пакистанга тапшырууда. Учурдагы Пакистандын жаңы акимдери да Америка планын ишке ашыруучулардын катарына кирет. Америка бирде туруп Пакистандагы малай акимдеринен Афган жихадчыларын кысымга алууну буйруйт. Обаманын планына ылайык Рейчел Шариф Вазирстанда өткөргөн аскерий операциялар сыяктуу. Америка бир туруп Талибанды аскерий күч кубат менен сүйлөшүүлөргө макул кылууга, күчү жетпегенде, Талибанды «сүйлөшүүлөргө» макул кылуу үчүн аны азгырууга буйруйт. Афганистандагы каршылык жихадын биротоло токтотуу максатында азыркы Пакистандын жаңы акимдери Трамптын планына ылайык Талибанды

«сүйлөшүүлөргө» макул кылуу үчүн аны азгырып жатканы сыяктуу. Мына ушундай жол менен Америка Пакистан менен азгыруу аркылуу Талибанды сүйлөшүүлөргө тартууну көздөп жатат. Биз Америка жана анын малай жүгүртөктөрүнүн тузагына илинип же аларга таянып калуудан эскертебиз:

***«Зулумдук жолун туткан адамдарга таянбагыла, антпесе, силерге тозок оту жетет, силер үчүн Аллахтан башка бир да дос жок, кийин*** *(залимдерди ээрчип кетсеңер)* ***силерге*** *(Аллах тарабынан)* ***нусрат берилбейт» з***[11:113]

**24-зул-каъда, 1438-х.**

**16-август, 2017-м.**

## Америка менен Талибандын ортосундагы сүйлөшүүлөр

**Суроо:**

*Ооган талибдерине таандык булактын маалыматында Доха шаарында Талибан кыймылы менен АКШ элчиси Залмай Халилзаддын ортосундагы алты күнгө созулган сүйлөшүүлөрдө олуттуу алга жылуулар болгону белгиленди. АКШ келишимге жетишилгенден кийин 18 ай ичинде Афганистандан аскерлерин чыгарып кетет. Бирок, Доха келишими билдирүүлөрдө гана айтылган кагаз түрүндө гана калууда, ал азыркыга чейин иш жараянына кирген жок. Сүйлөшүүлөрдүн кийинки айлампасы ушул жылдын 25-февралында болот дейт "Рейтер" агентиги. (2019.01.27.). Бул жерде негизги суроо ошол эле бойдон калууда. Талибан ушунча узак жылдардан берки согуш алып баргандан кийин Американын тузагына түштүбү? Бул кандайча болду? Иш мындан ары кандай уланат? Аллах ыраазы болсун.*

**Жооп:**

Алгач 2017.08.16. "Американын Ооганстандагы стратегиясы" боюнча чыккан суроо-Жоопко токтоло кетели: "Америка НАТОдогу союздаштары менен биргеликте Ооганстанда аскерий жактан жеңишке жетишүүдө ийгиликсиздике учурады. Ооганстандын көп аймактары дагы эле

Талибдердин көзөмөлүндө. Ооган малай өкмөтү Талибдерге каршы америкачыл согушту алып барууда алсыздык кылып борбор Кабулду жана кээ бир аймактарды араңдан зорго көзөмөлгө алууда. Трамп Ооган жаатындагы саясатын кайрадан карап чыкты. “Бул карап чыгууда Ооган майданында аскерий аракеттерди солгундатуу жана ири тобокелчиликтерге аскерлерди колдонууну бир далай кыскартуу жагын, ошондой эле негизги багытты “ИШИМге” каршы кылып көргөзүү тараптары каралган”. “Талибандын сүйлөшүү өткөрүүгө азгырууну жеңилдетүү жаатында Пакистандын ролун ишке салуу, анткени Талибдер Америка сунуштап жаткан саясий түзүмгө шериктеш болуулары үчүн Ооган малай өкмөтү менен сүйлөшүүлөр столуна отурууларына тартуу үчүн Пакистанда аскерий жетекчиликке жаңыдан келгендер талибдер менен иш алып баруу вазыйпасын жүктөдү. Америка Ооганстанда айла-амал түгөнө баштаганын сезгенден кийин жана Индия тандоосу да банкротко учурагандан кийин, Америка Талибандарды Ооганстандагы америкачыл өкмөт курамына киргизип калуу үчүн алар менен сүйлөшүүлөрдү өткөрүүгө ыктады. Талибандардын жетекчилерин сүйлөшүүлөргө тартуу максатында Пакистан өкмөтүндөгү малайларын пайдаланды. Ошого карабастан, Американын бул аракети ийгиликсиздикке учурады. Америка Ооганстанда аскерий да, саясий да жактан ийгиликке жете алган жок”. (цитата бүттү). Бирок, Америка бул максатына жетүүдө үмүтсүздүккө түшпөстөн аймактагы малайларына таянуу менен ишти уланта берди. Айрыкча, Америка Ооганстанда аскерий жана каражат жагынан каржылап турган учурда. Американын Ооганстанда кризиске учурагандыгы төмөнкү нерселер менен айкын болот:

Биринчиден: Америка өзүндө болуп өткөн 2008-жылдагы финансылык кризистин запкысын азырга чейин тартып келет, ошондуктан анын экономикасына коркунуч жаралып каржы жагынан каржала баштады. Ал Ортонку Чыгыштагы исламий өлкөлөрдө согуш алып баруусу жети трилион долларга барабар болду жана ал анын ордуна эч нерсе ала албады. Мамбашы

Трамп 2017.01.22. Твиттерде мындай деди: “Ортоңку Чыгыштагы согушка акмакчылык менен жети триллион жумшаганыбыздан кийин өз өлкөбүздү куруу үчүн кайтуу убактысы келди”. 2016.01.09. “BBC” Америка Forbes журналынан алып берген маалыматында: “Америка Ооганстандагы согушта бир триллион 70 миллион доллар сарптады, буга кошумча 2400 аскери курман болду. Он миңдегендери ар түрдүү майыптык даражада жарадар болду. Бирок, ушунча чоң жоготууга карабастан, Америка Талибан кыймылынын үстүнөн ийгилике жетише албады”.

Экинчиден: Америка талибан кыймылынын үстүнөн аскерий жактан жеңишке жетише албагандан кийин, Ооганстандагы согуштан чыгып кетүүдө жеңилген тарап катары түр жаратпастан жеңген да, жеңилген да болбой турган абалдагы, сүйлөшүү абалы менен чыгып кетүү үчүн Талибан кыймылын сүйлөшүүлөргө тартууну алдындагы бирден бир тандоо катары көрдү. Ушул тандоо Американын Ооганстан жаатындагы ишке ашырыла турган негизги стратегия болду. Бул тандоонун иш жараяны алкагында 2018.09.05. Америка Мамлекеттик департаменти Залмай Халилзадды Ооганстандагы атайын ыйгарым укукту өкүлү кылып дайындап, бул план боюнча конкреттүү тапшырма берди. “Мамдепартаментин мурунку билдирүүсүнүн корутундусунда, Америка Халилзадга “Талибанды” сүйлөшүү столуна отургузуу аракети кепилдигин камсыздоо жаатында конкреттүү иш алып баруу тапшырмасын берди”. (“Анадолу” агентиги, 2018.01.12.). Ошондуктан, Америка бир гана ушул тандоонун артынан иш алып бара баштады. Ал тандоо Талибан кыймылын сүйлөшүүлөргө тартуу жана сүйлөшүү столуна отуруусу үчүн аларга кысым өткөрүү. Мына ушул Американын Ооганстандан чыгып кетүүдөгү өзүнө ылайыктуу көрүп жаткан жолу, бул жаңы пайда боло калган жол эмес. Америка алгач Талибан менен Ооган режими ортосунда сүйлөшүү өткөрүүгө урунду, бирок ал ийгиликсиздикке учурады. Мына ушундайча Талибан четке кагып келе жаткан Талибан менен Ооган режими ортосундагы сүйлөшүү жараяны

Америка менен Талибан ортосунда  сүйлөшүү өткөрүү жараянына көчтү. Анткени, Талибан кыймылы колунан кан тамган Ооган режими Америка колунда деп билген. Кийин Ооган режимин Америка негиздегендигине карабастан, Америка менен сүйлөшүү өткөрүүгө макул болду!

Үчүнчүдөн: эске сала кетчү нерсе, Америка Талибанды тынчтык сүйлөшүүлөрүнө катышууга канааттануулары үчүн өзүнүн ыплас жолунун негизинде Ооганстандын ичиндеги жана анын айланасындагы малай тарапкерлеринин колу менен буга ылайыктуу кырдаалды пайда кылды.

1. Америка абадан бомбалоону Талибандардын базаларына каратты, айрыкча сүйлөшүүлөрдү четке кагып жаткан тараптарга карата өзгөчө: “Америка жооптуулары АКШ алтынчы күнү кечинде, учкучу жок учактар менен Талибан кыймылынын лидери Ахтар Мансурга каршы абадан сокку ургандыгын билдирди... Америка коргоо министирлиги “Пентагон” Ахтар Мансур “Талибан менен Ооган өкмөтү ортосунда тынчтык келишимине жетишүүдө тоскоолдук жаратып” жаткан тарап катары сыпаттады”. (“Дуня Ватан”, 2016.05.22.). Башкача айтканда, абадан бутага алуу сүйлөшүүлөрдү четке кагып жаткандарга каратылды. Бул жараян Обама админстирациясы учурунда орун алган эле. Америка бул жактамадагы иш аракеттин Трамптын учурунда да улантып келди. “НАТОнун “бекем колдоо" иш-чарасы боюнча өкүлү үчүнчү күнү кечинде басма сөз жыйынында мындай деди:  22-июлда Таджаб аймагында Ооган атайын күчтөрүн колдоо максатында Американын абадан сокку уруусунун натыйжасында Каписа аймагындагы эки Талибан лидери жок кылынды”. (“Россия сегодня”, 2018.07.25.). Ушуга эле тектеш башка окуя болду, анда да Талибан кыймылынын башка башчылары жок кылынды. “Американын  Ооганстандагы куралдуу күчтөрүнүн басма сөз катчысы полковник Дейв Батлер мындай деди: “Кече кечинде Америка учактары тарабынан абадан урулган сокку натыйжасында Молдо Манан каза тапканын тастыктай алабыз”. Ал дагы кошумчалап: “Биз саясий чечимге жетүүгө аракет кылып жатабыз” деди”.  (“CNN Arabic”, 2018.12.02.).

2. Иран Талибанга колун созду. Талибан аны “Америка менен душмандашып” жаткан өлкө деп ойлоду жана анын кээ бир жетекчилери ага ыктай баштады. Алар өздөрүнүн лидери Молдо Ахтар Мансурдун өлүмүндө Ирандын колу бар экендигинен да ибрат алышпады. Молдо Мансур Ирандын чек арасында Иран-Америка ымалага келишүүсү негизинде өлтүрүлгөн эле. Талибан болсо дагы эле Иранга ишеним артып жатат... Иран Талибанды жалаң гана Америка саясий чечимине карай түртүп жатат. “Расмий Иран дем алыш күнү кечинде мындай деди: Ооган Талибандарынын өкүлдөрү Тегеранда Иран жооптуулары менен сүйлөшүүлөрдү өткөрдү. Ал жыйында расмий Тегеран башка исламий жамааттарды ооздукдоо үчүн кошуна мамлекеттер менен тынчтык сүйлөшүүлөрүн өткөрүүнү демилгеледи. Иран ТИМи Бахрам Касими биринчи күнү Иран менен Талибандын сүйлөшүүсү Ооган мамбашы Ашраф Ганин кабардар болуусу менен жана сүйлөшүү Ооган өкмөтү менен Талибандын ортосунда сүйлөшүүлөрдү калыптандырууга багыталгандыгын билдирди”. (“Евроньюс”, 2018.12.31.).

3. Катар Дохада Талибан үчүн кеңсе ачып берди. Талибан Катардын мындай колдоого алуусу аны күчтөйт деп түшүндү. Бирок, Катар ачык эле бул кеңсенин ачылышы Америка Талибан сүйлөшүү жараянын калыпка салуу үчүн кылынгандыгын жарыялады. Катар аны “блокада” кылып жаткан өлкөлөр менен кризис учурунда мындай деди: “Борбордук чалгындоо кызматынын мурунку директору Девид Петреус Дохада Хамас менен Талибдердин жоолугушуусу Америка талабы менен болгондугун жеткиликтүү айтты. Бул нерсе Катардын эч нерсени парда артында жашырбастан, ачык-айкын кылгандыгын тастыктап турат. Ошондой эле, Талибан менен Хамастын Доха шаарында жоолугушуусу Палестина жана Талибан көйгөйүнөн чыгуу үчүн Америка талабы менен болгондугун да көргөзүп турат”. (“Ал-Шарк Ал-Катар”, 2017.07.04.). Катар Талибанга карата аны колдоп моюнга ала тургандай түр жаратты. Акыры ал бул тузакка түштү... Катарды “курчоого” алып жаткан мамлекеттер Катарга карата

каарын төгө башташканда Катар өз бийлигин сактап бериши үчүн Трамптын админстрациясына кайрылып бийлигин сактап берсе каржы жагын көбөйтөрүн да билдирди жана көбөйтү. Катар негизинен Ангилияга малай. Катар Трамп админстрациясы ага карата Саудия коркунучун жеңилдетүү үмүтүндө Талибанды сүйлөшүүгө тартуу үчүн Америка жолунда жүрүүсүн улантты... Мына ушундайча Америка талибанды тынчтык сүйлөшүүлөрүнө тартуу кызматын Булуң мамлекетчелери ортосунда жарышка түшө турган маселе катары койду. Эмират Катар менен ат салышып сүйлөшүүлөрдү Абу-Даби шаарында өткөрүүгө аракет кылды. Саудия болсо Жидда шаарына тартууга аракет кылды. “Рейтер” кабар агентигинин маалыматында, сүйлөшүүлөргө катышып жаткан Талибандын атын атабаган аскерий жетекчисинин билдирүүсүн чыгарды: “Акыйкатта Саудия менен Катардын ортосундага карама-каршылык тынчтык сүйлөшүүлөрүн иштен чыгарды”. Ал дагы кошумчалап: “Ок атышууну токтотуу үчүн Саудия бизге бекерден эле кысым кылып жатат”, - деди”. (“Спутник Россия”, 2019.01.14.). Ушундай карама-каршылыктар кырдаалы ортосунда Талибан кыймылы өзүн Булуңдун үч жактуу арканына байланып калганын көрдү. Анда карама-каршылыктар, бирок бир тарапты көздөй багытталган кырдаалда калды. Бир тарап болсо, Талибан Америка менен сүйлөшүүлөрдү өткөрүүсү. Саудиядагы Америка малайлары жана Эмират менен Катардагы Британия малайлары менен биргеликте Американын ыраазылыгын табуу үчүн ага кызмат кылууда ат салышты. Бирок, мындай батыл үчүн ат салышуу алкагында Талибан Американын саясий чечими үчүн суйлөшүү тузагына түшүп бара жатат. Британия Катардын бийлиги сакталып калышы үчүн анын Америка жолунда жүрүүсүнө каршылык билдирген жок. Ал эми, Эмиратты Британия башка максат үчүн Америка малайлары менен биргеликте алдыңкы сапка койду.

4. Ал эми, Талибан Пакистанды тең салмактуу сактоочу катары карайт. Пакистан армиясы Пакистан талибдерине каршы баштаган катуу салгылашуулардан баш тарткандан баштап Пакистан менен Талибдердин

ортосунда жакындашуу кырдаалы жакшыра баштады жана алардын ортосундагы байланыштар да күчөдү. 2018.07.25. Пакистан өкмөт башчылыгына Имран Хандын келиши жана анын билдирүүлөрүндө Ооган талиптери менен жакындашуу көрүнүп турат. Америка сүйлөшүүлөр тузагына түшүп калууну билдирбеген Талибандын ишенимине кире турган кырдаалдарды жаратууну дагы да күчөттү. Талибан ушундайча тузакка түштү "же өзүн ага түшүрдү", ал бир ийинден эки жолу чактырып жатат, жалаң гана Америка саясатын ишке ашырган Пакистан өкмөтүнүн ийини. Ал 1996-жылы Талипдердин Ооганстанда бийлик орнотушу үчүн колдоого алган. Кийин кичүү Буштун мезгилинде 2001-жылкы чабуулдарда жана андан кийин аны жардамсыз таштап койду. Жада калса, Пакистандын ичиндеги талиптерди да Америка саясаты негизинде куугунтукка алууда Америкага шериктеш болду... Эми болсо Америка Ооганстанда аскерий жактан Талибандарды жеңе албаган соң көйгөйдү чечүүнүн жалгыз жолу катары жана Ооганстанда таасирин сактап калуу үчүн сүйлөшүүлөрдү өткөрүүгө кайтууга токтом кылды. Исламабад болсо Талибан кыймылы менен болгон мурунку көпүрөсүн кайрадан кура баштады. Бирок, бир максатта, ал Американын жаңы стратегиясын ишке ашыруу жана анын Ооганстандагы таасирин сактап калуу болуп саналат. Талибан болсо иштин ачык-айкын болуп турганына карабастан, ошол эле ийинге кайрадан түшүп жатат! "Пакистан өкмөт башы Имран Хан биринчи күнү, Америка мамбашы Трамп Ооганстанда тынчтыкты орнотууда жардамдашууну талап кылгандыгын билдирди. Пакистандын "Geo TV" каналы Хандын сөзүн чагылдырды: "Мурда күнү Америка мамбашынын катын алдым. Анда Ооганстанда тынчтык сүйлөшүүлөрүн өткөрүүдө роль ойноп берүүнү Пакистандан талап кылды жана Талибанды сүйлөшүү столуна тартууга жардамдашууга чакырды". ("Спутник Россия", 2018.12.03.). Андан эки күндөн кийин Пакистан Ооганстанда Америка планы негизинде жүрүүсүн баса белгилөө алкагында Пакистан өкмөт башы Исламабадда Американын

ыйгарым укуктуу өкүлү Халилзаад менен  жоолугушту. “Имран мындай деди: “Пакистан Ооган тынчтык келишимине жетүү  үчүн саясий жөнгө салууну каалайт”. (“Masrawy” 2018.12.05.). Экинчи күнү Имран Хан баса белгилеп: “Пакистан Ооганстанда тынчтыкты калыбына келтирүү жараянын ишке ашырууда бар мүмкүнчүлүгүн жумшайт. Пакистан акыркы учурдагы Абу Дабиде Америка Талибан сүйлөшүүлөрү диалогуна катышкандыгына да ишаара кылды”. (“Явму Саабиг”, 2018.12.18.). Имран 2018.11.19. өзүнүн Твиттердеги баракчасына Пакистанын Америка кызматын кылып берип жаткандыгын актап мындай деди: “Пакистан тероризмге каршы күрөшүүдө Америка менен шериктеш болууну тандап алган. Бул согушта Пакистан 75 миң курбанчылык берүүгө дуушар болду. Экономикалык жактан 123 миллиард доллар чыгымга учурады. Анын ичинен Американын жардамы 20 миллиард доллар өлчөмүндө гана болду...”. Пакистандын мурунку коргоо министири Хаваджа Асиф 2018.11.19. Твиттердеги баракчасына Пакистан өкмөтүнүн кыянатычылдыгын белгилеп. Ал деле алардын бири эле, ал мындай деди: “Пакистан дагы эле биздин согуш эмес болгон Америка согушу үчүн өз канын төгүүдө. Америка кызыкчылыгы үчүн өз динибиздин баалулуктарын садага чаптык. Сабырдуу духубузду талкаладык. Сабырдуулуктан ордуна караөзгөйлүктү алмаштырып алдык”. Мындан өткөн да айдан-ачык айтылган сөз жок. Пакистан өзүнүн эмес, бирөөнүн кызыкчылыгы үчүн согушка башын тыкты. Америка кызыкчылыгы үчүн мусулман балдарынын канын төгүлүшүнө забын болду. Америка кызыкчылыгына кызмат кылууда Ислам динин баалуулуктарын садага чапты. Пакистандын Ооганстандагы ролу Түркия жана анын мамбашы Эрдогандын Сириядагы ролуна окшош. Эрдоган Америка аны канча кордогонун карабастан, Сириядагы куралдуу жамааттарды Америка саясий чечимине макул болуулары үчүн аларга карата кысым өткөрүп жатат.

5. Мына ушул нерсе Ооганстан ичиндеги жергиликтүү кырдаал. Талибанды саясий чечимге жетүү үчүн сүйлөшүүлөргө тартуу алкагында

Америка колдонуп жаткан аймактагы Америка малайлары жана ага малай эместердин да аракети ушундай негизде кетип жатат. Талибан кайда карабасын, Пакистанды, же Иранды, же Катарды, же Эмиратты карабасын, айырмасыз, Ооганстанда Америка таасирин сактап калуу максатында Америка сүйлөшүү жолуна багыттап жаткандыктарына тушугуп жатат! Бирок, Талибан тереңдеп пикирлесе, Америка аларды өзү менен сүйлөшүү столуна отургузуу алкагында аларды канаатандыруу үчүн жергиликтүү малайларына канчалык бар күчүн жумшап, аргасыздан өз малайларына кысым өткөрүүгө мажбур болуп жаткандыгын аңдайт эле. Эгер, алар пикирлесе, 17 жылдан бери Талибандандын баатырдык менен ага каршы жихад кылып, аскерий да, экономикалык жактан да Американы сазга батырганын көрөт эле. Эгер, алар пикирлешсе, Америка адатынча өзүнө каршы чыккандын баарын террорчу атап, аларды да тээ бир мезгилде террористер деп, эми аларды сүйлөшүү столуна отургузуу үчүн канчалык бар күчүн жумшоого аргасыз болуп жаткандыгын жакындан билишет эле. Ушулардын баардыгына пикир жүргүзүшсө, Америка Ооганстанда расмий эмес түрдө жеңилгендигинин акыйкатын көрүшмөк. Америка бул жеңилүүнүн соккусу тийип, ири держава бир Талибандан жеңилди деген аталыш менен шермендеси чыккычакты чыгып кетүүнү каалап жатат. Мына ушул нерсе пайдаланып калуу ваажиб. Талибан Америкага сүйлөшүү эс алуусун бербестен, кордолгон жеңилген абалды чыгып кетүүсүнө басым кылышы лаазым. Америкага жанма жан жүрүү эч качан аманчылык алып келбейт. Аллах айтат:

***“Алар** (мушриктер) **эч бир момунду жана убада шерти лаазым тутушпайт** (силерге үстөм келсе силерди эч качан аяшпайт) **алар чектен ашуучулар”*** [9:10]

Америка сүйлөшүүлөр арасында болсо да Талибандын эпке келип чегинүүлөргө баруусуна ыраазы болбойт, ал өзүнүн атайын ыйгарым укуктуу өкүлү Талибандын бетине жылмайып турса дагы, ал бир гана Ооганстанда

өзүнүн таасирин сактап калууга гана ыраазы болот. Алардын ичинде сактаган караөзгөйлүктөрү андан үлкөн!!!

6. Булардын баардыгынан да кейиштүүсү, Дохадагы алты күнгө созулган сүйлөшүүлөр Талибандын катышуусу менен өтүп жаткандыгы болду:

А. “Талибандын” жетекчиси Вахид Муджда мындай деди: “Эки тарап чет элдик куралдуу күчтөрдү чыгаруу боюнча өз ара түшүнүшө алды. Ооганстан дүйнөнүн кайсы бурчуна болбосун, ага коркунуч жаратпашы боюнча да өз ара түшүнүшө алышты”. Ал дагы ачыктап: “Талибан эл аралык тараптын коргоосу менен сунушталып жаткан тынчтык жараянын колдонуу кепилдигине аракет кылып жатат”, - деди. Ал дагы кошумчалап: “Техникалык маселелердин жана келишимди даярдоо ишине байланыштуу Доха келишим аягына чыга элек”, - деди. (“Анадолу” агентиги, 2019.01.26.).

Б. “Рейтер” агентигинин 2019.01.26. Талибан жооптууларынан алып берген маалыматында: “Келишимди аягына чыгаруу кепилдиги үчүн алар Вашингтон менен кээ бир беренелер боюнча келишишти. Бул беренелерде Ооганстандан 18 айдын ичинде чет элдик күчтөрдү чыгарып кетүү баса белгиленген. Келишимге кол коюлгандан баштап Талибан кыймылы башка Ал-Каида же ИШИМ сыяктуу жамааттар Ооган аймагын Америкага каршы колдонушуна жол бербештикти өз кепилдигине алуусу шарт”. Беренелерде көрүнүп тургандай, Ал-Каида же ИШИМ сыяктуу жамааттарга Ооганстанда орун жок. Америка Талибанга бийликтен бир үлүш берип, анын ордуна башка жамааттардын Ооганстанда орун алышына жол бербеш кепилдигин андан талап кылууну максат кылды. Америка Талибанды ушул максатта колдонууну эп көрдү.

7. Ошондой эле Талибандын жооптуулары берген билдирүүгө үндөш билдирүүлөрдү Америка жооптуулары да берди:

А. “Американын атайын ыйгарым укуктуу өкүлү Халилзаад Катарда алты күнгө созулган Талибан менен болгон жолугушуудан кийин

Твиттердеги баракчасына мындай деди: “Бул жолугушу мурдагыларга караганда кыйла жемиштүү болду. Биз маанилүү маселелерде олуттуу жетишкендиктерге жетиштик”. (“Deutche Fillet Arabic”, 2019.01.26.).

Б. Америка коргоо министири Патрик Чанахан 2019.01.28. Талибдер менен болгон жолугушуу тууралуу мындай деди: “Мен айтайын дегеним, жыйынтык көңүл толоорлук болду”. (“Free American”, 2019.01.28.).

8. Ушундай жол менен Доха келишими бекем эсептелген Талибандын дубалын бузуп киргендиги болуп калды. Кийин малай өкмөт ийкемдүүлүк кыла баштады. Талибандын Кабулдагы өкмөт менен сүйлөшүүлөргө эч качан барбайбыз деген эскичил билдирүүлөрүнө карабастан жана Американын келишим бардык нерсени камтыш керек же болбосо анын кереги жок деген билдирүүлөрү. Америка малайлары тарабынан зор күч жумшалган Доха келишими негизинде тараптардын башка сүйлөшүүлөрдү да өктөрүүгө болгон умтулуулары. Ошондуктан, Америка 17 жылдан кийин Ооганстан согушунда сазга батып калган тунелинен чыга турган нурду көрө баштады. Ушулардын баардыгына каршысына Талибандын ичиндеги ыкластуулар агымы бул келишимди иштен чыгарып Америка Ооган согушунан аманчылыкта чыгып кетүү жолу катары көрүп жаткан нурду өчүрүп салуулары лаазым.

9. Ошондуктан, Талибан кыймылы жана НАТО, Америка крестүүлөрүнө каршы согуш алып барып жаткан баардык мужаахиддер, Америка жана аны ээрчиген баардык малай өкмөтөргө карата эч кандай чегинүүлөргө барбоолору ваажиб. Эч кандай сүйлөшүүлөргө барбастан, Америка кор болгон абалды чыгып кетүүсүн мажбур кылуу лаазым. Согуш сабыр сынала турган учур. Америка эч качан сүйлөшүүлөргө баш урбайт, ал бир гана мужаахиддердин сабырын сындырууга күчү жетпей калган учурда гана сүйлөшүүлөргө баш урат. Америка жана Батыш адатынча башкаларга согуш аркылуу күчү жетпесе, аларды сүйлөшүүлөр аркылуу чегинүүлөргө алып бара турган тузагына түшүп калбагыла. Башкача айтканда, каршылаш

тарапты эч кан төкпөстөн жана каржы жумшабастан жеңилүүгө дуушар кыла турган тузакка түшүрүү! Бул прагматизм саясий түшүнүктөрүнө ылайык болот... Америка Ооган элинин он миңдегендерин майып кылып, миллиондорун качкын кылып, бир канча миңдегендерин өлтүрүп өлкөнү талкалап чыгып кетүүгө кам уруп жатат. Ошондуктан, ал жазасыз калбай жазаланууга тийиш. Анын Ооганстандагы кылмыштары жана кыргыны мурдагы СССРдин кылмышынан эки эселеп ашып түшөт. СССРди сындырып кор кылып кууп чыккандай эле, эгер Талибан кыймылы сабыр кылып, Америкага каршы согушуна бекем турса Америкага СССРдин тагдырын кийгизип койуу толук мүмкүн иш. Аллах душманына караганда аз болушуна карабастан сабыр кылып бекем туруучуларга нусратты убада кылган. Аллах айтат:

***“Аллахка жоолугууну үмүт арткандар айтышты канчалаган аз жамааттар Аллахтын жардамы менен көп жамааттардын үстүнөн жеңишке жетишкен. Аллах сабырдуулар менен бирге”*** [2:249]

Ооган малай өкмөтү менен шериктеш иштөөнү кабыл албоо лаазым. Тескерисинче, аны кулатып Пайгамбар с.а.в:

**“Кийин Пайгамбарлык туура жолдогу Халифалык болот”** деп куш кабар кылган туура жолдогу Халифалыкты тикелөө менен Ислам өкүмүн орнотуу зарыл. Аллах Таала айтат:

***“Ушундай*** *(ишке)* ***амал кылуучулуар амал кылышсын”*** [37:61]

**1-жумаадил-ахир, 1440-х.**

## Афганистандагы окуялардын саясий акыбеттери

**Суроо:** *Катарда 2021-жылы 17-июлда эки делегация ортосунда жогорку даражадагы көрүнүктүү сүйлөшүүлөр сессиясы башталганы кабарланды. Сүйлөшүүлөрдө Талибан кыймылынан 7 киши, Афган өкмөтүнөн 7 кишиден турган эки делегация өз ортолорундагы негизги маселелерди талкуулай турган болду. Бул сүйлөшүүлөр 2021-жылы 8-июлда*

*Америка президенти АКШ күчтөрүн Афганистандан алып чыгуу үчүн белгиленген мурунку мөөнөттөн чегинип, күчтөрдү алып чыгуу 31-августта аяктарын билдиргенден кийин өтүүдө. Акыркы кездерде Талибан кыймылы алга жылганы байкалды. Ал Афганистан жеринин 85 %ын көзөмөлдөп жатканын билдирди. Белгилүү болгондой, Доха келишиминде көрсөтүлгөн саясий кызматташууга үчүн Талибан менен өкмөттүн ортосунда сүйлөшүүлөрдү өткөрүү белгиленген. Суроо мындай: Талибан бийликти көзөмөлгө алабы же бийликке шерик болобу? Америка Афганистандан иш жүзүндө чыгып кетеби же таасири туруктуу сакталып калабы?*

**Жооп:**

Бул маселелер боюнча эң туура пикирди баяндоо үчүн ушуларды карап чыгабыз:

1 – Америка Афганистандан чыгууну 2010-жылдын аягы – 2011-жылдын башында пландаган, ошол кезден тартып Талибандын жогорку жетекчилери менен сүйлөшүүлөрдү баштоого олуттуу киришти. Пакистан сүйлөшүүлөрдө ортомчулук кылып, өзүн Талибандын тарабында тургандай көрсөттү. 2014-жылдагы сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында Талибан кармап турган америкалык сержант Бу Бергдалды азат кылышынын акысына Талибдерден бешөөсү Гуантанамодогу камактан азат кылынды. Кийин сүйлөшүү өткөрүү үчүн даярдык иштери ылдамдады. Өздөрү өкүл болгон партияларга узак жыл кызмат кылган эки адам ишке киришти. Т.а. 2018-жылдын 5-сентябрында Залмай Халилзад Кошмо Штаттардын Афганистандагы жарашуу боюнча атайын өкүлү болуп дайындалып, ага Американын Афганистандагы аскерий баскынчылыгын жыйынтыктоо милдети тапшырылган болсо, арадан эки ай өтүп-өтпөй т.а. 2018-жылы 25-октябрда Пакистан мулла Абдулганий Барадарды эркиндикке чыгарды. Абдулганий Барадар 2010-жылы 8-февралдагы рейдде Карачиде колгон алынгандан бери Пакистанда камакта кармалып турган. Ал эркиндикке чыгарылгандан кийин Талибандын Дохадагы өкүлчүгүнүн жетекчиси болуп дайындалды... Би-Би-Си 2019-жылы

25-февралда ушул кабар таратты: «Мулла Барадардын ысымы ал 2018-жылы октябрда эркиндикке чыгарылганга чейин Талибан АКШ расмийлери жана Афган өкмөтү менен алып барган сүйлөшүүлөрдө эркиндикке чыгарууну талап кылган туткундардын тизмесинин сап башында турган. Ал январь айынан бери Талибан кыймылынын Катардагы саясий өкүлчүлүгүн башкарып келүүдө». Сүйлөшүүлөрдө Залмай Халилзад менен Абдулганий Барадар көрүнүктүү ролдорду ойношту.

2 – Кийин бул сүйлөшүүлөр 2020-жылы 29-февралда Доха келишимин түзүү менен аяктады. Келишимдин эң маанилүү тарабы ушулар болду: «Америка жана Афган расмийлери жарыялашкандай, эгер Талибан кыймылы бүгүн Дохада кол коюлган келишимге ылайык өз милдеттерин аткарса Кошмо Штаттар жана анын НАТОдогу союздаштары 14 ай чичинде Афганистандан өз күчтөрүн алып чыгып кетет. Бул жөнүндө Кабулда жарыяланган Америка-Афган биргелешкен билдирүүсүндө айтылды». (BBC News).

АКШ президенти Дональд Трамп Афганистанда «узак жана кыйын сапар» болгонун айтты. О.э. ал: «Ушунча жылдардан кийин аскерлерибизди мекенге кайтаруунун убагы келди», - деп кошумчалады. BBC News «Афганистанда 2400дөн ашуун АКШ аскери өлтүрүлгөнүн» билдирди.

3 – Доха келишиминен кийин кагылышуулар менен бирге, кээде жан берүүчү же кээде анын тескериси болгон билдирүүлөр жана жолугушуулар көбөйдү:

– 2021-жылы 14-мартта CNN агенттиги Жо Байдендин ушул сөзүн таратты: «Мен Афганистандагы АКШ кошуунун жетектеген республикачыл жана демократ президенттердин төртүнчүсүмүн, бул жоопкерчиликти бешинчи президентке өткөрүп бербейм. Американын эң узакка созулган согушун жыйынтыктоонун убагы келди».

– Жо Байден сөз сүйлөп, артынан маалымат конференциясын өткөрдү. Аны Америкадагы жана эл аралык телевидениелер эфирге жарыялашты.

Байден өз сөзүндө мындай деди: «Биз Кошмо Штаттардын тарыхында эң узакка созулган согуш бүткөнүн жарыялайбыз. Афганистандагы миссиябызда Ал-Каиданы жок кылып жана анын жетекчиси Усама бин Ладинди өлтүрүп ийгиликке жетиштик... Аскерий миссия келерки август айынын аягына чейин уланат. Америка күчтөрү Афганистанга мамлекет куруу үчүн келбеген. Бул – афгандардын мойнундагы милдет. Алар өз мамлекетин өздөрү каалагандай башкарышы керек... Кооп-коркунуч Афганистандан тышкарыдан келүүдө. Учурда Кытай менен стратегиялык атаандаштык о.э. Ковид-19 жана кибер терроризмге каршы туруу башкы милдетибизге айланган. Жыйырма жыл мурун башталган согушту уланта турган болсок, муну аткара албайбыз». Ак үйдүн маалымат катчысы Жен Псаки андан да ачык-айкыныраак кылып мындай деди: «Америка күчтөрүнүн толук чыгып кетишин майрамдоо пландалбаган. Бул жагынан биз натыйжанын маанилүү тарабын белгилебейбиз. Бул – 20 жылга созулган аскерий жеңишсиз согуш». (Анадолу маалымат агенттиги, 2021-жыл, 8-июль). Т.а. Америка Афганистанда жыйырма жылда жеңишке жетише алган жок... Ал тургай, бир нече базаларды жапкандан кийин эң ири жана маанилүү эсептелген Баграм базасынан да 2021-жылы 8-июлда чыгып кетти. Муну менен анын кресттүүлүк жүрүшү Байден расмий жарыялаган мөөнөттөн т.а. 11-сентябрдан, кийин өз сөзүндө белгилеген экинчи мөөнөт 31-августтан мурун иш жүзүндө аяктады.

– Бул учурда Талибан өзүнүн аскерий чабуулдарын кеңейтти. Түндүк, түштүк, батыш райондор, кийин борбордук райондор колго алына баштады. Талибан өтө кыска убакыт ичинде Афганистандын чоң бөлүгүн, өзгөчө, коңшулаш мамлекеттер менен чектеш аймактарды көзөмөлгө алып, чегара пункттарын ээлеп алды... Бул жөнүндө Москвага барган Талибан делегациясындагы сүйлөшүүчүлөр тобунун мүчөсү Шахабиддин Дилавар: «Талибан кыймылы Афганистан аймагынын 85 %ын көзөмөлдөп жатат», - деди. Афган коопсуздук күчтөрүнүн өкүлү Ажмал Умар Шинвари муну четке

кагып: «Бул туура эмес, көпчүлүк региондордо согуштар уланууда», - деди... (Франс Пресс, 2021-жыл, 11-июль). Бирок, Талибан делегациясы «коңшулаш жана дос мамлекеттердин ишине аралашпоого» убада берди жана «делегациянын Москвага сапарынан максат – Исламий Амирликтеги бардык маалыматтарды сунуштоо. Талибан Афганистанда Исламий Мамлекет уюмунун кеңейишине жол бербейт жана ага каршы күрөшөт. Кыймыл мамлекеттин жалпы түзүлүшүн белгилөө үчүн коом өкүлдөрү менен сүйлөшүүлөр алып барууда жана бул иш аяктоонун алдында турат». О.э. Талибан бийликти толук басып алууну максат кылбаган... (Ал-Жазира, 2021-жыл, 9-июль).

4 – Кийин 2021-жылы 17-июлдагы кабарга ылайык, «Афганистандагы жаңжалдашып жаткан эки тарап бүгүн ишемби күнү Дохада тагдырий маселелер талкуулана турган сүйлөшүүлөрдүн күн тартибин белгилөө үчүн 14 кишиден турган комитет түзүүгө келишишти. Ал-Жазиранын кабарчысы Дохада өтүп жаткан Афган сүйлөшүүлөрүндөгү бир булактын сөздөрүн ачыктады. Ага ылайык, сүйлөшүүлөрдүн алгачкы сессиясы жакшы натыйжа менен бүттү жана Афган өкмөтү менен Талибан кыймылынын ортосундагы сүйлөшүүлөрдүн жаңы баскычы бүгүн Катардын борбору Дохада башталды. Сүйлөшүүдө тагдырий деп каралган маселелер талкууланат. Афганистан жарашуу кеңеши жана өкмөт делегациясынын жетекчиси Абдуллах Абдуллах айтышынча, мамлекетте тынчтык орнотуу эки тараптан тең ийкемдүүлүк талап кылынат. Ал кошумчалашынча, учурда тынчтык үчүн ылайык чөйрө даяр. Талибандын Дохадагы өкүлдүгүнүн жетекчиси Абдулганий Барадар айтышынча, алар бүгүн Дохада башталган тынчтык сүйлөшүүлөрүндө оң натыйжаларга жетишүү үчүн болгон күчтөрүн жумшашат». (Булак: Ал-Жазира жана башка агенттиктер).

5 – Ошондон кийин, комитет ошол эле күнү т.а. 2021-жылы 18-июлда өз ишин аяктап, жолугушуу жөнүндө биргелешкен билдирүү жарыялады. «Дохадагы Ал-Жазира кабарчысы маалымдашынча, Афган өкмөтү менен

Талибан кыймылы Катардын ортомчулугу менен Дохада өтүп жаткан сүйлөшүүлөр боюнча биргелешкен жыйынтык билдирүү жарыялоого о.э. Доха сүйлөшүүлөрү алкагында жакында кезектеги жолугушууну өткөрүүгө келишишти. Тараптар бир нече он жылдардан бери уланып жаткан талаштын адилеттүү чечимин табуу үчүн сүйлөшүүлөрдү тездетүү туурасында да келишимге жетишишкен. Афган өкмөтү менен Талибан кыймылынын делегацияларынын биргелешкен билдирүүсүндө адилеттүү чечимге жетишүү үчүн сүйлөшүүлөрдү тездетүүгө жана чечимге жетишкенге чейин сүйлөшүүлөрдү жогору даражада өткөрүүгө келишишкени айтылат. Бул биргелешкен билдирүү бир нече он жылдык согуштан кийин мамлекетте тынчтык орнотууга багытталган саясий чечимди көздөгөн Афган тынчтык сүйлөшүүлөрүнүн экинчи сессиясынан кийин жарыяланды. Талибан кыймылынын делегациясындагы булактын айтышынча, Талибан ал жана өкмөттүн ортосунда ишенимди бекемдөөчү иш-чараларды өз ичине камтыган сунушту киргизген: эки тараптагы туткундарды азат кылуу о.э. мубарек Курбан айт күндөрүндө убактылуу тынчтык түзүлгөнүн жарыялоо». (Булак: Ал-Жазира жана башка агенттиктер).

6 – Америка Афганистанда Талибан менен болгон сүйлөшүүлөрдө активдүү пайдаланган бир нече мамлекеттердин позициясын көрсөтүп өтүү зарыл:

а) Пакистан: дал ушул Пакистан 2018-жылы Талибанды Кошмо Штаттар менен сүйлөшүү алып барууга мажбурлаган. Ошондуктан, Залмай Халилзад Талибандын сүйлөшүүлөр үчүн Дохага барышына жардам бергени үчүн Пакистанга ыраазычылык билдирди. Ал эми, 2021-жылы март айында АКШнын Коргоо министри Ллойд Остин «Пакистан Афган тынчтык процессин туруктуу колдоп-кубаттаганы үчүн» пакистандык кесиптешине өз ыраазычылыгын билдирди. Фажр журналында мындай делет: «Пентагон башчысы Пакистандын Афган тынчтык процессиндеги ролун алкыштайт». (Фажр журналы, 2021-жыл, 23-март). Американын Афганистандагы

стратегиясында Пакистандагы жогорку офицерлер жана саясий тайпа маанилүү роль ойноштту.

Ошентип, Пакистан өтө маанилүү ролду ойноду жана анын өз тарыхы бар. Афганистандагы Талибан кыймылынын тамыры Пакистанга барып такалат. Учурда да Пакистан разведка кызматы Афганистанда таасирге ээ болуп, Талибан ичинде алардын адамдары бар. Ошондуктан, Америка көп абалдарда Пакистандын ролуна таянат.

б) Түркия: Түркия Афганистанга багыт алып, ал жерде да кудум Сирия жана Ливияда кылгандай, Американын тышкы саясатындагы максаттарын ишке ашырууга аракет кылууда. Түркиянын Анталия шаарындагы деңиз курортунда болуп өткөн эл аралык жолугушууда Түркия тышкы иштер министри Мавлуд Чавушоглу Афганистандагы Кабул аэропортунун коопсуздугун Түркия камсыздашын сунуштады... Өткөн айда Брюсселде болуп өткөн Байден-Эрдоган жолугушуусунан кийин Вашингтон Анкараны Кабул аэропортунун коопсуздугун камсыздоодогу негизги ролду өз мойнуна алганы үчүн алкыштады. Вашингтон Түркиядан Кабул аэропортун коргоону каалап жатат, аэропорттун жанында дагы эле анын 500гө жакын аскери бар. Байден жакында ачыктаган сөзүндө буга ишара кылып: «Биз Кабулдагы эл аралык аэропорттун коопсуздугун камсыздоо үчүн шериктештерибиз менен тыгыз иш алып баруудабыз», - деди. Эрдоган мындай деди: «Түркиянын миссиясы кандай болушун, эмнени кабыл алышыбызды жана кабыл албашыбызды АКШ жана НАТО менен болгон сүйлөшүүлөрдө белгилеп алганбыз... О.э. бул теманы НАТО саммиттеринде, Байден менен жолугушканымда о.э. делегациялардын сүйлөшүүлөрүндө ортого салганбыз... Афганистандагы бул милдетти эң мыкты даражада аткарабыз». (Ал-Жазира, 2021-жыл, 9-июль). Түркия президентигинин басма сөз катчысы Ибрахим Калин «НАТО күчтөрү чыгып кетип, жайында Афганистанда АКШ жетектеген «чечкиндүү колдоп-кубаттоо» миссиясы аяктагандан кийин Түркия Кабул аэропортунун коопсуздугун камсыздоону улантышы мүмкүн»,

- деди. (Шаркул Авсат, 2021-жыл, 3-июь). Талибан кыймылы Түркия армиясынын Афганистанда турушуна каршы чыкты. Ал өз билдирүүсүндө «Кошмо Штаттар жетектеген эл аралык күчтөр мамлекеттен чыгып кеткенден кийин Афганистанда Түркия кошуундарынын калышын четке кагып, мындай токтомдун караланышын» баса белгилеп: «Түрк жетекчилеринин токтому акылга сыйбаган чечим, себеби, ал биздин суверенитетибиз жана аймактык бүтүндүгүбүздү бузуу эсептелип, улуттук кызыкчылыктарыбызга тескери келет», - деди. (Ал-Жазира, 2021-жыл, 13-июль).

в) Орто Азия: Кошмо Штаттар өз күчтөрүнүн бир бөлүгүн Орто Азияда жайгаштыруу жөнүндө Орто Азия жетекчилери менен сүйлөшүп жаткан. Нью-Йорк Таймс гезитинде мындай делет: «АКШ расмийлери региондогу базалардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн талкуулоо үчүн Казакстан, Өзбекстан жана Тажикстан өкмөттөрү менен байланышкан. 22-апрель күнү АКШ мамлекет катчысы Энтони Блинкен Твиттерде Америка жана НАТО күчтөрүнө аскерий базаларды пайдаланууга берүү тууралуу Өзбекстан жана Казакстандын тышкы иштер министрлери менен сүйлөшкөнүн жазды. Анын айтымында, бул базаларга Афганистанды колдоо үчүн дрондор, алыска учкан бомбалоочу самолёттор жана разведка тармактары жайгаштырылат». (Нью-Йорк Таймс, 2021-жыл, 27-апрель).

7 – Жогоруда айтылгандардан ушул нерсе ачык-айкын болот:

а) Сүйлөшүүлөрдүн уланышы Американын Афганистандан бүтүндөй чыгышына алып барбайт. Тескерисиче, бул – алдоо. Анткени, Америка башкы эшиктен чыгып, короодогу эшиктен кайра кирет. Короодогу эшик бир тараптан АКШнын Пакистан, Түркия жана Ирандагы тарапкерлери жана малайлары тарабынан корголуп жаткан болсо, экинчи тараптан ал жердеги америкачыл кимселер тарабынан корголууда, алардын баары АКШнын Афганистандагы таасирин сактап калууда негизги ролду ойноп жатышат.

б) Катарга келсек, ал эки максатты көздөп сүйлөшүүлөр үчүн чөйрө даярдоодо. Биринчиси, Саудия тарабынан колдонулган эмбаргону (курчоону) бекер кылууну көздөп жатат. Катар Трамп администрациясынын доорунда, өзгөчө, 2020-жылы 29-февралда Доха келишимине кол коюлгандан кийин бул максатына жетишти... Экинчиси, Катар жана анын артында турган англистер Талибан менен орноткон алакалардан Американы ыңгайсыз абалга салуу үчүн пайдаланышууда. Катардын проблемаларды пайда кылып турушу жаңылык эмес. Ошондуктан, ал Талибанга финансылык жардам көрсөтүп, өкүлдүк жана медиа-платформасын ачып берди. Мындан тышкары, Америка Талибан кыймылы менен болгон алакаларын жеңилдетүүдө Катардын ролуна муктаж... Ушул таризде англистер Американын Талибан кыймылы менен болгон алакаларын жеңилдетүүдө Катардын ролуна муктаж болуп турганынан пайдаланып, окуяларды Катар жана Фарс Булуңундагы өз кызыкчылыктары үчүн ишке салышууда.

в) Талибан Америка жана анын Афган режиминдеги малайлары менен сүйлөшүүгө кириши чоң жаңылыштык болду. Күч-кудурет ээси болгон Аллахтан Афганистандагы мусулмандарды мындай сүйлөшүүлөрдүн жамандыгынан сактоону сурайбыз. Себеби, колонизатор кафирлер өз шарттарынан келип чыгып гана, өз кызыкчылыктарын жүзөгө чыгаруу үчүн гана сүйлөшүү столуна олтурушат. Американын азыркы абалын дыкат үйрөнгөн кишиге, ойгоо жүрөк ээси болгон же чын жүрөктөн кулак салган ар кандай кишиге Америка ушул абалда экени ачык болот:

Биринчи: XXI кылымда Кытайдын аскерий жана экономикалык жактан кудуреттүү мамлекетке айланышы Америка кызыкчылыктарына коркунуч туудуруп жатат. Бүткүл этибарды Кытайга каратуу Америка үчүн биринчи даражалуу милдетке айланган. Биз азыр эле айтып өткөн Америка расмийлеринин билдирүүлөрү ушуну көрсөтүп жатат. Байден 2021-жылы 8-июлдагы сөзүндө мындай деди: «Кооп-коркунуч Афганистандан

тышкарыдан келүүдө. Учурда Кытай менен стратегиялык атаандаштык … башкы милдетибизге айланган».

Экинчи: Американын Афганистандагы баскынчылыкта көргөн зыяндары жөнүндө жогоруда айтып өттүк: «BBC News «Афганистанда 2400дөн ашуун АКШ аскери өлтүрүлгөнүн» билдирди».

Булардын баары ушуну көрсөтүп жатат: Америка Афганистандан сүйлөшүүлөргө барбастан чыгып кетсе, жеңилип чыгып кеткен болот. Себеби, сүйлөшүүлөр анын таасирин сактап калып, согушта колго ала албаган ийгиликтерди камсыздайт.

г) Биз Талибандын сабында садык жана калыс боордоштор бар экенин билебиз, ошондуктан, аларга кайрылабыз:

– Алар абалды оңдоп, сүйлөшүүлөрдү токтотушу, Америка согушта колго ала албаган ийгиликтерге жетишине мүмкүнчүлүк бербеши керек...

– Халифалыксыз узак убакыт жашаганыбыздан кийин мусулмандардын тагдырий маскелеси – Халифалыкты кайра тикелөө экенине анык ишениши зарыл. Анткени, Халифалыкты тикелөө менен Аллах Тааланын фарзын аткарып, Расулуллах ﷺга итаат кылган болобуз.

– Ислам жана илманийликтин аралашмасы болгон бийликке шерик болуу Аллах тарабынан кабыл алынбашын аңдашы зарыл. Анткени, күч-кудурет ээси болгон Аллах таййиб (жакшы) амалды гана кабыл алат.

Мына ушул акыйкат.

«Акыйкаттан кийин адашуу гана бар» [10:32]

Талибанды, өлкөнү, өлкө калкын жана бүткүл мусулмандарды акыйкатты ээрчүү гана куткарат... Хизб-ут-Тахрир силерге насаат кылып, чакырып жаткан нерсе мына ушул. Силер өкүмдарлык кылып турганыңарда да биз силерди Халифалыкты тикелөө аркылуу акыйкатка ээрчүүгө чакырган элек. Бирок, силер муну четке кактыңар. Кийинчерээк четке кагып ката кылганыңарды да түшүнүп жеткенсиңер... Муну жыйындардын биринде

мулла Умар рахимахуллах өзү моюндаганы айтылат. Бирок, кеч болгон эле. Мына, биз силерге кайрадан насаат айтып жатабыз, аны кабыл алуучу барбы?

«Эй момундар, Аллах жана Анын пайгамбары силерди түбөлүк жашоо бере турган нерсеге даъват кылганда, аны кабыл алгыла жана билип койгула, шек-күмөнсүз, Аллах ар бир киши менен анын дилинин ортосун ээлеп турат. Албетте, Анын алдына топтолосуңар» [8:24]

**19-июль, 2021-м.**

Афганистан-Иран чек ара чырынын себептери

Суроо:

Афганистан менен Иран үчүн маанилүү суу булагы болгон Гильменд суу сактагычынын суусун бөлүштүрүү маселеси боюнча көптөн бери уланып келе жаткан талаш-тартыштан улам чыңалуу кайрадан күчөдү. 2023-жылдын 3-июнунда “Deutsche Welle” сайты билдиришинче: «Өткөн аптада Иран менен Талибан күчтөрү ортосунда чек арада ок атышуу катталып, курман болгон жана жаракат алган аскерлер болду. Эки тараптын ортосунда чыңалуу уланууда. Ал арада эки тарап ок атууну баштады деп бири-бирин айыптаган билдирүүлөрдү жасашты. Кабул менен Тегерандын ортосундагы чыр-чатак эки өлкө үчүн маанилүү суу булагы болгон Гильменд дарыясынын суусу боюнча келишпестик күчөп жаткан учурда жүзөгө келди...». 1-июнда “Аль Жазира” сайты Орусиянын “Известия” гезитине таянып, ушул кабарды жарыялады: «Иран менен Талибан өкмөтү ортосундагы мамилелер диний жана саясий айырмачылыктан улам чыңалуу абалында. Буга кошумча Афганистандагы ички согуш учурунда Тегеран Талибан кыймылына каршы күрөшкөн “Түндүк” альянсын колдогондуктан чыңалуу абалы сакталып турат. Иран аймагындагы Хамун көлүнө куйган Гильменд дарыясынын суу ресурстары үчүн болуп жаткан күрөштү да унутпашыбыз зарыл. 1973-жылы түзүлгөн келишимге ылайык, Афганистан Иранга бул дарыядан жылына 820 млн м3 суу берип турууга милдеттүү. Талибан бийликке келгенден кийин маселе дагы да татаалдашты...». Эки тараптын ортосундагы проблемалардын

жана ок атышуунун себеби эмнеде? Окуялар кандай өңүттө кетет? Бул келишпестикти күчөткөн, же кызыкчылык көздөгөн, же колонизаторлук долбоорлорду ишке ашыруу үчүн келишпестиктерди келтирип чыгарган ири күчтөр барбы?

Жооб:

Бул суроонун себептерин жана окуялар кандай өңүт аларын үйрөнүү үчүн ушуларды карап чыгабыз:

1. 2023-жылы 27-майда “Fars News” агенттиги минтип билдирди: «Ирандын Систан-Белужистан облусуна караган Гильменд шаарындагы Сасули бекетине жакын жайда Талибандын чек ара кызматкерлери менен Иран чек ара коргоочулары ортосунда ок атышуу болду». Окуяга байланыштуу булактын маалыматына ылайык: «Иран чек ара коргоочулары менен Талибан күч кызматкерлери ортосунда тирешүү болуп, ок атышууга айланган». Ирандын Ички иштер министринин орун басары Касем Резаи мынай билдирүү берди: «Тегеран Афганистан менен чектешкен чек арада кандайдыр бир жагымсыз окуянын болушуна жол бербейт. Талибан Иран-Афганистан чек арасында бир нече жолу катага жол берди. Коңшу өлкөлөргө чек араларыбыз достуктун чек арасы экенин айтып жатабыз, жагымсыз окуянын кайталанышына жол бербейбиз. Бүгүн эрте менен Талибан күчтөрү чек арадагы Сасули бекетине оор куралдар менен ок атып баштады. Иран чек арачылары аларга каршылык берди. Ок атышуу токтогондон кийин кайрадан уланды, атышуу токтой элек». Ал баса белгилегендей, Ички коопсуздук күчтөрүнүн башкы командачысы Ахмад Реза Радан «чек арачыларга чек араны бузууга же агрессияга чечкиндүү жооп кайтарууга буйрук берген». Ирандын расмий кабар агенттиги “IRNA” 27-майда «Иран чек ара күчтөрү менен Талибандын куралдуу күчтөрү ортосунда болгон ок атышууда 2 талиб менен 2 ирандык аскер курман болгонун жана бир катар жарандар жаракат алганын» билдирди.

2. Афганистан Ички иштер министринин катчысы Абдул Нафи Такур Твиттердеги баракчасында мындай билдирүү жарыялады: «Нимруз аймагында болгон ок атышууда бир ирандык, бир афган жараны курман болду. Бир нече адамдар жараат алды. Ислам эмирлиги коңшулары менен болгон ок атышууну колдобойт». (27.05.2023, «TOLOnews»). Афган полициясы эки тараптын ортосунда бир нече саатка созулган куралдуу кагылыштан улам 28-майда жабылган Афган-Иран ортосундагы «Жибек көпүрөсү» бекети 29-майда ачылганын билдирди... Бул нерселер Иран-Афганистан чек арасындагы абал коопсуздук жагынан морт абалда экенин жана ар кандай учурда кайрадан тутанып кетиши мүмкүн экенин көрсөтүүдө. Талибан бийликке келгенден тартып эки жылда Афганистан менен Ирандын ортосунда ондон ашуун ок атышуу болгонун эске алганда, эки тараптын ортосундагы чыңалган абал сакталып калышы күтүлөт.

3. Афганистан-Иран ортосундагы Гильменд дарыясынын суусун бөлүштүрүү маселесинде келишпестик акыркы күндөрдө дагы да күчөдү. Бул маселе боюнча эки өлкөнүн ортосунда эски пикир келишпестиктер бар. 1973-жылы кол коюлган келишим Афганистан Иранга жылына 820 млн м3 суу берүүнү талап кылат. Бирок, Иран 2 млн м3 гана суу алып жатканын айтууда. Ушундан эки өлкөнүн ортосундагы эң маанилүү көйгөй суу маселеси экени көрүнүп турат. Бул көйгөй 150 жыл мурун Англия мусулман өлкөлөрүн бөлүп жибергенде башталган. Иран Тышкы иштер министринин жардамчысы Сайид Мусавий 2023-жылы 28-майда Твиттердеги баракчасында мындай билдирүү жасады: «Бүгүн Забул-Нимруз чек араларында болуп өткөн окуялар колонизаторлордун планынын уландысы экенине көңүл бурушубуз керек. Голдсмит 1872-жылы уюштурган кутум аркылуу Систанабадды бүгүнкү абалга алып келди. Анын мураскерлери бүгүн Иран менен Афганистанды жок кылууну көздөшүүдө... Эки өлкөнүн калкы жана элитасы ар кандай чыр-чатак эки тарапка тең стратегиялык жоготуу алып келерин түшүнүүсү керек».

4. Бул көйгөй Афганистан менен Иран генерал Голдсмит баштаган англис арбитраждык комитетинен чечим сурап кайрылгандан тартып башталган. Голдсмит 1871-жылы эки өлкөнүн ортосундагы чек араны белгилөөнү баштаган жана аны бир жыл ичинде бүтүргөн. Иран менен Афганистандын жалпы чектеш аймагы абдан узун, түндүк тараптан Иран, Афганистан жана Түркмөнстандын чек ара үч бурчтугу жайгашкан Зулфикар кысыгынан башталып, Иран, Афганистан жана Пакистандын ортосундагы чек ара үч бурчтугу жайгашкан Малак Сиах тоосуна чейин созулат. Түштүктөгү Пакистан, Иран, Афганистан чек арасы 945 чакырымды чапчыйт. Гильменд сууларын бөлүштүрүүдөгү көйгөйлөр мына ушул чек ара сызыгын белгилөө учурунда башталган. Англия басып алып, кийин бөлүп жиберген мусулман жерлери сыяктуу Афганистан, Иран жана Пакистан ортосунда да келишпестиктерди келтирип чыгаруу үчүн чек ара аймагында Систан жана Белужистан аймагын ортодо калтырган. Бул аймакты үч өлкөдөн көз карандысыз кылуу үчүн да үрөөн сепкен. Максат, аймактагы көйгөйдү чечүүнү шылтоолоп өз таасирин сактап калуу болгон. Бул үч өлкөнүн ортосундагы чек ара талашы бүгүнкү күнгө чейин уланып, калк бири-бирин өлтүрүүдө. Англия болсо адатынча бул өлкөлөрдөгү таасирин сактап калууга аракет кылып келет жана аларды алсыратууга умтулууда. Муну менен аймакты көзөмөлүнөн чыгарбай кармап калууну же таасирин жоготкон учурда кайра кайтып келүүнү максат кылууда.

5. Иран менен Афганистандын ортосундагы чек ара келишпестиги 1896-жылы Гильменд дарыясынын нугу өзгөртүлгөндөн кийин өзгөчө күчөгөн. Дарыянын узундугу 1150 чакырымга созулуп, Афганистан аймактарын аралап өтүп, Иран менен Пакистандын ортосунда бөлүштүрүлгөн Систан жана Белужистан аймактарынан өтүп, Ирандагы Хамун көлүнө куят. Кийинчерээк эки өлкөнүн ортосундагы чек ара англиялык аскерий Генри МакМахон тарабынан кайрадан белгиленип, 1905-жылы дарыянын суусу эки өлкөгө бөлүнгөн. Афганистанга Иранга зыян жеткире турган деңгээлде суу

сактагычтарды курбоо шарт кылынып, суунун үчтөн бир бөлүгүн Иранга өткөрүүгө келишилди. Бирок, эмир Хабибулла Хандын башкаруусундагы Афганистан муну кабыл албады жана келишимди Иран тарапка ылайык чечилген деп баалады. Келишпестиктер уланды жана бир катар арбитраждык комитеттер маселени чечүүгө аралашты. Келишимдерге кол коюлса да он жыл ичинде кайрадан бузулду. Эки өлкөнүн ортосундагы чыр-чатак 1934-жылы кайрадан күч алды. Тараптар «чек ара келишпестиги боюнча Британия арбитражы карайт» деген 1921-жылдагы келишимдин 10-беренесинен баш тартып, Түрк арбитражына кайрылышты. Бирок, бул да натыйжасыз аяктады. Андан соң 1936 жана 1939-жылдары эки өлкөнүн ортосунда сүйлөшүүлөр башталды. Ирандыктар "Кемал Хан" суу сактагычына куйган суунун жарымын өткөрүүнү сурашты, афгандар аны четке какты жана сүйлөшүүлөр ийгиликсиз бүттү. Ушул сыяктуу эле, 1951 жана 1958-жылдары өткөрүлгөн сүйлөшүүлөрдөн да майнап чыкпады. Акыры 1973-жылы ирандыктарга суунун 10 пайыздан азырагын берген келишимге кол коюлду. Бирок, афган парламенти келишимди жактырбады. Андан кийин коммунисттер 1978-жылы Афганистанда төңкөрүш уюштурду жана келишимди толугу менен жокко чыгарды. 1979-жылы СССР өлкөнү басып алды жана абал ошол боюнча сакталып калды.

6. Бул абал орустар шерменде абалда Афганистандан чыгып кеткенге чейин уланды. Андан соң мужахиддерден турган Талибан өкмөтү 1996-2001-жылдары бийликке келди. Анын артынан Америка Афганистанга кол салып, бийликти басып алды. Америка малайлары бийликте турган чакта, айрыкча Ашраф Гани 2014-жылы бийликке келгенден кийин өлкөнүн батышында, чыгышында аккан жана Афганистан пайдаланбаган 10 дарыяга ГЭСтерди курууга токтом кылынды. Жалпысынан 49 суу сактагыч курулду. Иран чек арасына жакын Нимроз аймагындагы "Кемал Хан" суу сактагычынын 4 жылга созулган курулушу Ирандын сууга болгон муктаждыгына таасирин тийгизди. ГЭС 2021-жылдын март айында ишке берилди. Ашраф Гани сууну

мунайга алмаштыруудан башка ниети жок экенин билдирди. 2021-жылдын 15-августунда Талибан кыймылы экинчи жолу бийликке келгенден кийин Иран Афганистандан 1973-жылдагы келишимге кайтууну талап кылды. Ирандын коңшулаш өлкөлөр менен суу көйгөйү бар экени, колониалдык бөлүнүүлөр улана берсе, көйгөйлөргө жол ачаары анык.

7. Иран президенти Ибрахим Раиси 2023-жылдын 18-майында Систан жана Белужистан облусуна караган Чабахар шаарына жасаган сапарда Афганистан бийлигин эскертип мындай деди: «Гильмендден суу алуу – Систан жана Белужистандын акысы, ал келишимдерде жана сүйлөшүүлөрдө каралган». Ал Афганистан бийлигин коркутуп, минтип эскертти: «Афганистан бийлиги бул көйгөйгө кадыресе маселе катары карабашы керек жана олуттуу мамиле кылышы зарыл. Афганистандагы бийликти Пакистандын Систанында жана Ирандын Систаны менен Белужистанында жашаган инсандарга Гильменд дарыясынын суусунан берүү зарылдыгын эскертем». Раиси: «Өкмөт Оман деңизинен Ирандын чыгыш аймактарына суу алып келүү үчүн колунан келгенин жасап жатат. Бирок, бул долбоор убакытты талап кылат», - деди. (18.05.2023, “Аль алам”). Ирандын Афганистандагы элчиси Хасан Каземи Ирандын “IRNA” агенттигине берген маегинде: «Кажики суу сактагычында суу бар экени тастыкталып, Талибан Гильменд дарыясынын суусунан Иранга үлүшүн бербесе, жоопкерчиликти алышы керек. Мындай абалда талаш-тартыш бүтөт жана Иран кандай иш-аракет кылуу зарылдыгын билет...», - деди. (25.05.2023, «Аль Арабия»). Афганистанда иш алып барган ирандык дипломаттын бул билдирүүсү эки өлкөнүн ортосундагы абал жарылуу астында турган коркунучта экенин түшүндүрөт. Иран Америка менен анын малай өкмөтү Афганистанда турган чакта мындай коркутуулар бул биякта, а түгүл, ондогон жылдар бою суу көйгөйүнө карабай алар менен жакшы ымалада болуп келген. Иран президенти жана башка аткаминерлери буйрук кылган жана коркуткан билдирүүлөр эки өлкөнүн алакасы жакшы эмес экенин тастыктап турат. Иран өз аймагындагы Систан жана Белужистанда

суу көйгөйү чечилмейинче чыңалуу абалын сактап калышы күтүлөт. Иран президенти Оман деңизинен суу алып келип, туздан тазалагандан кийин эгин талааларына жеткирүү тууралуу айткан. А бирок, Иран бийлиги маселени өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланып, көйгөй Афган бийлиги суунун агымына тоскоолдук кылгандыктан пайда болуп жаткандай көрсөтүүдө. Акыйкатта болсо, бул көйгөйдүн тамыры 150 жыл мурунку учурга барып такаларын эстен чыгарбоо керек. Көйгөй узак убакыттан бери чечилбегендиктен, аймактагы калктын Иран режимине каршы наарazылыгы күчтүү жана кайдыгерликке, дискриминацияга дуушар болуп келишет.

8. Афганистан Ислам эмирлигинин катчысы Забиулла Мужахид 2023-жылы 27-майда Твиттердеги баракчасында мындай билдирүү жасады: «Кабул өз мойнуна алган жоопкерчиликти аткарууга чечкиндүү. Бирок, катуу кургакчылыктан улам суунун деңгээли абдан төмөндөп кеткен... Иран тараптын бул жаатта орунсуз билдирүүлөрү эки өлкөнүн ортосундагы мамилелерге зыян жеткириши мүмкүн. Ошондуктан, мындай билдирүүлөр кайра кайталанбашы керек». Бул билдирүү коркутуп-опузалоо коштолбогон билдирүү болуп, Афганистанды теңине албай, коркутууга аракет кылган Раиси баштаган аткаминерлердин билдирүүсүн четке кагуу жана аларга эскертүү болуп эсептелет. Мындан көрүнүп тургандай, Афганистан Иран менен алакасын чыңалтууга кызыкдар эмес.

9. Афганистан-Иран чек арасында Гильменд дарыясы менен бирге Ферах, Херируд, Харут, Хасбуш, Кхаш, Будаи сыяктуу бир катар кичинекей дарыялар да бар. Алардын баары Афганистандан агып чыгып, чек арадагы Бозек жана Сабри көлүнө куят. Гильменд дарыясы Систан аймагынын негизги суу булагы жана ар дайым кургактыктан жапа чеккен Систан менен Белужистандын күрөө тамыры болуп эсептелет. Афганистан дарыяларынын, айрыкча, Гильменд дарыясы эки өлкөнүн мамилесинде геосаясий ролду ойнойт. Афганистан экономикалык жана саясий максаттарына жетүү үчүн суу маселесин Иран жана башка өлкөлөргө басым өткөрүү куралы катары

колдонушу мүмкүн. Себеби, бул суунун дээрлик баары пайдаланылбастан өлкөдө агып чыгып кетет.

10. Жогоруда айтылгандар көйгөй Англия мусулман өлкөлөрүн бөлүп, Систан менен Белужистанды үчкө бөлүп жибергенине барып такаларын көрсөтүүдө. Бир бөлүгү Иранга, бир бөлүгү Афганистанга, бир бөлүгү Пакистанга карап калган аймак үч өлкөнүн ортосундагы талаштуу маселеге айланган. Ошондуктан, дарыянын агымы жана көлгө куйган жери үч өлкөнүн ортосунда талаш-тартышты жаратып келет. Эгер, бул үч өлкө Аллах буйругандай бир бүтүн мамлекет астында болушканда көйгөй чечилип, иштер жолго коюлмак.

Демек, Иран менен Афганистандын ортосунда ок атышууга жол ачкан бул көйгөй Ирандын, Афганистандын жана Ислам дүйнөсүндө майдаланган өлкөлөрдүн ордуна Исламга негизделген, улут жана мазхаб айырмачылыгын, Англия белгилеп берген чек араны жокко чыгарып, аларды бир мамлекет астында бириктирүү аркылуу чечилет. Көйгөйдүн тамыры колонизаторлор Ислам аймагын жасалма чек аралар менен бөлүүсүндө жатканы айдан ачык. Бул аймактардын баары колонизаторлордун отунда өрттөнүп жатат. Жогоруда айтылгандай, айрым ирандык аткаминерлер тарабынан да бул нерсе оозго алынды. Көйгөйдүн туура чечими аймакты колонизаторлуктан мурунку абалга кайтаруу зарыл экени талашсыз. Тагыраагы, биримдиги жана бүтүндүгү камсыздалган, бүткүл негиздери жана тармактары чыныгы Исламга курулган бир мамлекетти тикелөө шарт. Ошондой болгондо гана суулар өз нугунда агып, инсандар андан пайдаланып, айбанаттардын чаңкоосу канат. Аллахтын каалоосуна ылайык жер жүзүндө ниъматтар жетиштүү, мунай байлыктары баарына жетет. Ар бир адам Аллах айткан ниъматтардан насибин алат. Исламдын өкүмдөрү алдында бакубат өмүр кечиришет...

Мындан башка чечим катары айтылып жаткан бардык нерселер убактылуу жана ар кандай учурда жарылып кетиши мүмкүн болгон бомба сыяктуу.

Ошондуктан, биз баарыңарды мусулман өлкөлөрүн бириктире турган Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Рошид Халифалык мамлекетин тикелөөгө чакырабыз. Ошондо гана мусулмандар Ислам менен даңазаланып, Аллах сүйгөн бир тууган боло алышат. Ислам бизди чакырган таза чечим – мына ушул!

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا اسْتَجِيبُوا لِلَّهِ وَلِلرَّسُولِ إِذَا دَعَاكُمْ لِمَا يُحْيِيكُمْ وَاعْلَمُوا أَنَّ اللَّهَ يَحُولُ بَيْنَ الْمَرْءِ وَقَلْبِهِ وَأَنَّهُ إِلَيْهِ تُحْشَرُونَ﴾

«Эй момундар, Аллах жана Анын пайгамбары силерди түбөлүк жашоо бере турган нерсеге (т.а. динге) даъват кылганда, аны кабыл алгыла жана билип койгула, шек-күмөнсүз, Аллах ар бир киши менен анын дилинин ортосун ээлеп турат. Албетте, Анын алдына топтолосуңар» [8:24]

**17-зулкаъда, 1444-х.**

**6-июнь, 2023-ж.**

## Бангладештин премьер-министринин отставкага кетип, өлкөдөн качып кеттиши тууралуу

**Суроо:** ***2024-жылдын 5-августунда Бангладештин премьер-министри отставкага кетип, өлкөдөн качып кеткени жарыяланган. Буга өткөн айдын башында мамлекеттик кызматтарда жумуш орундарына бөлүнгөн квота системасына байланыштуу наразылык акциялары себеп болгон. Демонстранттар менен бийликчил партиянын жактоочулары кагылышып, нааразылык акциялары кандуу окуяга айланды. Армия бийликти колго алганын жарыялап, өлкөнүн президенти парламентти таратып, убактылуу өкмөт дайындалганы жарыяланды. Митингдер пландалганбы? Армиянын кийлигишүүсү келишим аркылуу болдубу? Өлкөдөгү ишке эл аралык күрөштүн тиешеси барбы?***

**Жооп:** Жогорудагы суроолорго жоопту тактоо үчүн биз төмөнкү маселелерди карап чыгабыз:

Бангладеш Ислам жери болуп саналат. Он үчүнчү кылымдын алгачкы жылдарында, 1192-жылдын аягында Мухаммад аль-Гуринин жортуулу учурунда мусулмандар түндүк Индияны фатх кылышкан. Бангладеш калкынын саны боюнча дүйнөдө сегизинчи орунда турат. 171 миллионго жакын калкы бар. Түштүк Азияда Мьянма жана Индия менен чектешет. Калкынын 90%дан ашыгы мусулмандар жана өлкөнүн расмий дини Ислам. Британиянын “бөл жана башкар” саясатынын алкагында, Чыгыш Пакистанда жайгашкан Бангладеш Британиянын агенти Шейх Мужибур Рахман башында турган Авами Лигасы Британиянын колдоосу менен 1971-жылы Пакистандан бөлүп алган. Пакистан менен Бангладештин ортосундагы согуштан кийин Пакистандан көз карандысыздыгы жарыяланган.

Бангладештин премьер-министри Хасина өлкөнүн эски колонизатору болгон Британияга малайлык кылууну атасы Бангладештин мурдагы премьер-министри Авами Лигасынын башчысы Мужибур Рахмандан мураска алган. 1975-жылы Мужибур Рахманга каршы төңкөрүш жасаган офицерлер төңкөрүш учурунда анын үй-бүлөсүн өлүм жазасына тартышкан. Ошол учурда кызы Хасина чет өлкөдө болгондуктан аман калган. Ал 1981-жылы өлкөсүнө кайтып келип, саясий ишмердүүлүк менен алектенүүгө уруксат алганга чейин Британияда жашаган. 1996-2001-жылдар аралыгында биринчи жолу өкмөттүн президенттик кызматына киришкен. Андан кийин 2009-жылдан бүгүнкү күнгө чейин өкмөттү жетектеген. Ал үстүбүздөгү жылдын башында өткөн шайлоону бурмалаган деп айыпталып, өзүнүн Авами партиясы түзгөн парламентте басымдуу көпчүлүккө ээ болгон. Парламенттеги 300 орундун 233үн ээлеген. Андан тышкары, анын партиясы менен союздаш 9 депутат бар. Башка партиялар шайлоонун жыйынтыгын четке кагып, аны жасалма шайлоо деп эсептеп, Америка да аларды сындады. Бирок, Хасинанын режими анын жеңишин расмий түрдө жарыялады!

Хасинанын башкаруусу учурунда Америка малайларына чабуул жасап, армияда, саясий чөйрөдө, соттордо жана башка борборлордо Британиянын

таасирин бекемдөө үчүн иштеген. Ал оппозициялык партиянын лидери, 1977-жылы бийликке келген күйөөсү генерал Зиаур Рахмандан Америкага малайлыкты мурастаган Бангладештин Улуттук партиясынын башчысы Халида Зия менен атаандашкан. Зиаур Рахман 1981-жылы британиялык агенттер тарабынан өлтүрүлгөн. Анын жубайы Халида Зия өкмөттү эки мөөнөттө, 1991-1996-жылдар жана 2001-2006-жылдар аралыгында башкарган. Кийинчерээк ал коррупция жана кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу кинеси менен айыпталып соттолгон. Ал жана камактагылар Хасина 2024-жылдын 5-августунда качып кеткен соң акыркы демонстрацияларда бошотулду.

Ошондуктан, Бангладеште күчтүү таасирге ээ болгон мурдагы колонизатор Британия менен 1977-жылы бийликке келген Америка малайы генерал Зиаур Рахман аркылуу армия арасында таасирге ээ болгон жаңы колонизатор Америка орстосунда эл аралык күрөш бар. Америка ошондой эле саясий коомчулуктан, өзгөчө генерал Зиянын аялынан жана Бангладештин Улуттук партиясынан малайларды тапты. Бирок, Британия дагы деле басымдуу таасирге ээ.

Хасина жана анын партиясы баштаган өкмөт илманий жана улутчул экендигин бетке кармап Исламды бийликке кайтарууну каалагандар менен күрөштү. Саясий жактан аларды Ислам жана анын бийликке кайтып келиши менен күрөшүп жаткан Батыш колонизатору колдоп-кубаттады. Туура жолдогу Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу Исламды жашоого жана бийликке кайтарууга чакырган Хизб-ут-Тахрир Исламий партиясына 2009-жылы 22-октябрда тыюу салынды. Белгилей кетсек, Хизб-ут-Тахрир – бул саясий партия. Анын принциби Ислам жана материалдык иштерди (курал колдонууну) өзүнүн тарыйкаты катары кабыл албайт. Тескерисинче, саясий жана пикирий күрөш менен алектенет. Хасина режими мындан башка дагы төрт исламий жамаатка тыюу салган. Хизб-ут-Тахрир жана башка жамааттардын көптөгөн жаштарын түрмөгө отургузуп, кээ бир ислам

лидерлерин өлүм жазасына тартты. (Хасина Важид 2013-жылы Бангладештин көз карандысыздыгын четке каккан согуш кылмышкерлери деген шылтоо менен Жамаат-Исламиге каршы саясий ликвидациясын баштаган. Мындан максат ислам тобунан кутулуу болгон. Исламий жамаат лидерлеринин арасында камакка алынган, өлүм жазасына тартылган же түрмөдө каза болгон эң көрүнүктүү инсандардын арасында жети чоң аалым бар. Алардын 5и дарга асылып өлтүрүлгөн, экөө өлүм жазасына кесилгенге чейин түрмөдө каза болгон...” (https://alestiklal.net/ 06.08.2024). Хасина Исламга жана анын бийликке кайтып келишине жана мусулмандардын бир мамлекетте биригүүсүн талап кылгандарга карата катуу душмандык кылган. Ал 1971-жылы Британиянын жана анын Индиядагы агенттеринин колдоосу менен Чыгыш Пакистанды (Бангладешти) Батыш Пакистандан бөлүп, мамлекетке үлкөн чыккынчылык кылган атасы негиздеген секулярдык партияны жетектеп калды.

Бангладеш тышкы саясий жана экономикалык күчтөргө байланып калгандыктан, төмөн жашоо кечирип, чечилгис экономикалык кризистерге кабылууда. Бангладештин 18 миллионго жакын жаштары жумушсуз. Университеттин бүтүрүүчүлөрү да жумушсуздардын катарын толукташат! Бангладештин 15 жаштан 24 жашка чейинки калкынын 40%дан ашыгы иштебейт жана билим албайт. 2024-жылдын 5-августунда британиялык “Би-Би-Си” маалымат кызматы Бангладештеги экономикалык абал тууралуу интервьюларды чыгарды. Лондон экономика мектебинин профессору Лутфи Сиддики: “Экономикалык жактан алганда Бангладеште режимдин өзгөрүшү качып кутулгус иш. Учурдагы окуя убакыттын иши. Хасинанын өкмөтү башкаруу укугунан жана бийлигинен ажырады жана бийликти сактап калуу үчүн да ресурстары түгөнөт. Бангладеш экономикалык кыйроонун босогосунда турат”, - деди. Белгилей кетсек, Хасина өкмөтү өлкөнүн экономикасын жана ресурстарын чет элдик компанияларга, өзгөчө британиялык, америкалык, кытайлык жана индиялык компанияларга күрөөгө

койгон. Кытай Азия өнүктүрүү банкы аркылуу, Америка өзү үстөмдүк кылган Эл аралык Валюта Фонду жана Дүйнөлүк Банктын адилетсиз шарттары менен Бангладешти сүткор кредиттерге тушап алган. Бул Бангладештеги кырдаал курч, жарылуу алдында турганын билдирет.

Бангладеш 2024-жылдын 1-июлунан бери жумуш менен камсыз кылуу системасына каршы студенттик нааразылык толкунуна күбө боло баштады. Нааразылык акцияларынын максаты мамлекеттик тармактардагы жумуш орундарынын 56%га жакынын бир ууч топторго бөлгөн квота системасын жоюу болду. Премьер-министр жана анын айланасындагылар мындан пайдаланып, өздөрүнүн жакындарын, жактоочуларын жумушка орноштуруп, оппозицияны андан куржалак калтырышкан. Жумуш квотасына 1971-жылы Британия жана анын Индиядагы агенттеринин колдоосу менен Бангладешти Пакистандан бөлүү чыккынчылык согушуна атасы жана уулдары катышкандар гана кирген. Нааразылык акцияларына себеп болгон окуя ушул жумуш квотасынын бөлүштүрүлүүсү болуп калды. Студенттер жумушка орношуу башка жагдайларга эмес, адамдын эмгегине жараша болушун талап кылышты. Бул нааразылыктар аталган системанын жоюлушуна таасирин тийгизди. Ошондуктан Бангладештин Жогорку Соту 2024-жылдын 17-июлунда жумуш орундарына квоталарды кайра киргизүү чечими мыйзамсыз деп жарыялады. Бирок бул митингчилердин аракетин басууга жардам берген жок. 2024-жылдын 16-июлунда Хасина партиясынын студенттери Даккадагы демонстранттарды таяктар менен тосуп алып, бири-бирине таш ыргытышкандан кийин демонстрациялар өлүм менен коштолду.

Бул нааразылык акцияларын токтотуу үчүн Хасинанын өкмөтү өлкө боюнча мектептерди жана университеттерди жабууга буйрук берди. Хасина студенттерди сабырдуулукка чакырган билдирүүлөрдү жасап, нааразылык акцияларындагы ар бир киши өлтүрүүгө, жазалоого убада берди. Бирок демонстранттар анын билдирүүлөрүн четке кагышып, өзгөчө аны бутага ала башташте жана "Диктатура жок!" деп ураан чакырышты. Алар Бангладеш

мамлекеттик телерадио компаниясынын штаб-квартирасын жана башка ондогон өкмөттүк имараттарды өрттөштү. Өкмөт интернет кызматтарын өчүрдү. Нааразылык күчөгөндөн күчөп, каза болгондордун жана жарадарлардын саны күн сайын көбөйүп, күнү-түнү коменданттык саат жарыяланып, аскерлер жайгаштырылды. Полиция демонстранттарга көздөн жаш агызуучу газ жана ок атып, өлкө боюнча коменданттык саат жарыялады. Коопсуздукту сактоо үчүн армия күчтөрүн жайгаштырды. 2024-жылдын 19-июлунда 105 киши набыт болгону жарыяланды. Бул тууралуу премьер-министрдин басма сөз катчысы Наимул Ислам Хан билдирди. "Өкмөт коменданттык саат киргизүүнү жана жарандык бийликтерге жардам берүү үчүн армияны жайгаштырууну чечти..." (Agence France-Presse 2024.07.19). Нааразылык акцияларын басуу үчүн жаңылык каналдары жана уктуруулары, кээ бир уюлдук байланыш кызматтары токтотулду. Демонстранттар 2024-жылдын 19-июлунда имаратты өрттөш үчүн түрмөгө чабуул коюшуп, анын жүздөгөн туткундарын бошотушту. Бангладештеги нааразылык акцияларынан каза болгондордун жалпы саны 409га жеткенин “Франс Пресс” агенттиги полициянын, өкмөт өкүлдөрүнүн жана дарыгерлердин маалыматтарына таянып билдирди. Окуялар студенттердин көпчүлүгүн жумушсуз калтырган квота системасына каршы нааразылык акциялары менен өзүнөн өзү башталгандай. Нааразылык акциясы студенттер менен эле чектелбестен, аларга ар кыл катмардагы адамдар кошула башташты. Алардын саны 400 миңдей адамды түздү. Бул демонстрациялар Хасинанын 15 жылдан берки авторитардык бийлигине болуп көрбөгөндөй коркунуч катары бааланды.

Бангладеш армиясынын командири, генерал Вакр аз-Заман 2024-жылдын 5-августунда Хасинанын отставкага кетишинен жана качып кеткенден кийин толук жоопкерчиликти өзүнө ала турганын жана убактылуу өкмөт түзөөрүн жарыялады. Ал мамлекеттик телеканалдан: “Мен силерге бардык наразычылыктар чечилет деп убада кылам. Өлкө абдан көп зыян

тартты, экономикага зыян келтирилди, көптөгөн адамдар набыт болду. Зордук-зомбулукту токтотууга убакыт келди", - деди. (AFP 2024 .08.05). Генерал Вакр аз-Заман жөө аскерлердин офицери болгон, ал өткөн жылдын июнь айында армиянын командири болуп дайындалган жана Хасина экөөнү байланыштырып турган алыскы туугандык мамилеси бар. Анын кеңсесинде кеңешчи болуп иштеген. Анын кайнатасы 1996-жылдан 2001-жылга чейин Хасинанын биринчи мөөнөтүндө армиянын командири болгон. Вакр ал-Заман Улуу Британияда аскердик билим алган жана Бангладеш Улуттук университетинде, Лондондогу Кингс колледжинде коргонуу боюнча магистр даражасына ээ.

Бул Британия Бангладеште өз таасирин сактап калуу үчүн Британияга лоялдуу болгон жана Хасина режими менен бир типтеги Вакр аз-Замандын бийликке келишине буйрук бергендигин тастыктайт. Ал Хасинанын өмүрүн сактап калуу үчүн өлкөдөн кетиши керектигине да буйрук бергендигин билдирет. Ошондон кийин армия кырдаалды тынчтандыруу үчүн демонстранттарга жакындаганга аракет кылды. Демонстраттар бийликти басып алган соңку күнү армия нааразылык акцияларына уруксат берип, кырдаалды тынчтандыруу үчүн аларга каршы ок атууну токтоткон.

Армия командири, генерал Вакр аз-Заман өлкөнү башкарууну колго алганын жарыялаганда, мүмкүн болушунча тез арада убактылуу өкмөттү түзүүнү убада кылды. Ал негизги оппозициялык партиялар жана жарандык коомдун өкүлдөрү менен сүйлөшүүлөрдү өткөрөрүн, бирок Хасинанын партиясы Авами Лигасы менен эмес экенин убада кылды. Американы ыраазы кылуу жана аны англиялык саясаттын карасанатайлыгынан кайтаруу үчүн Бангладештеги президент 2024-жылы 7-августта Нобель Тынчтык сыйлыгынын лауреаты Мухаммад Юнус өткөөл өкмөттү жетектей турганын жарыялады. Президенттин билдирүүсүндө: "Юнус башында турган өткөөл өкмөттү түзүү чечими республиканын президенти Мухаммад Шихаб ад-Дин, армиянын жогорку даражалуу офицерлери жана «Студенттер

дискриминацияга каршы” тобунун жетекчилеринин жолугушуусунда кабыл алынды. Билдирүүдө: "Президент кризистен чыгуу үчүн элден жардам сурады. Кризистен чыгуу үчүн өткөөл өкмөттү тез түзүү керек ...” ( Франс Пресс агенттиги, 2024.08.87). Андан соң Европада жүргөн 84 жаштагы Мухаммед Юнус өткөөл өкмөткө төрагалык кылууга даяр экенин жарыялады. Ошентип, британиялыктар алардын агенти нааразылык акциялары күчөгөн учурда аскердик тик учак менен Индияга качып кеткенде, өздөрүн кулап калуудан жана таасирин сактап калуу үчүн ушундай аракет кылышты. Ал ишти армиянын командири көзөмөлгө алышы үчүн өкмөттү жана парламентти таратканын жарыялап, Мухаммед Юнус сыяктуу эски америкалык агент парламентке боло турган шайлоолорго жана жаңы шайланган өкмөт түзүлгөнгө чейин убактылуу өкмөттүн башчылыгына дайындалышына жол ачты. Ошентип, Хасинаны сүргүн кылуу менен митингчилердин оозун жапты жана Америкага ишенимдүү Мухаммад Юнусту дайындоо менен Американы ыраазы кылуу үчүн аракет кылышты. АКШнын мурдагы президенти Билл Клинтон аны Нобель сыйлыгына татыктуу деп баалаган: “Профессор Мухаммад Юнус 2006-жылы “Grameen Bank” менен биргеликте Нобель Тынчтык сыйлыгын алган. АКШ президенти Билл Клинтон Нобель сыйлыгын Мухаммед Юнуска ыйгарууну жактап, 2002-жылы сүйлөгөн сөзүндө президент Клинтон Юнусту эчак эле Нобель сыйлыгын ала турган адам деп атаган”. (Аудитория, шейшемби 2024.08.06). Белгилей кетсек, Хасина аны менен күрөшүп, Бенгал соту 2024-жылы 1-январь күнү борбор шаар Даккада эмгек мыйзамдарын бузган деген айып менен 6 айга эркинен ажыраткан. “Нобел Тынчтык сыйлыгынын лауреаты Мухаммад Юнус Бангладештин эмгек мыйзамдарын бузгандыгы үчүн соттолду”, - деп дүйшөмбү күнү прокурор Хуршид Алам Хан “Франс Пресс” агенттигине берген маегинде билдирген. Алам Хан “Франс Пресс” агенттигине Юнус жана анын кесиптештери эмгек мыйзамдары боюнча соттолуп, алты айга абакка кесилгенин түшүндүрүп, алар апелляцияга чейин

күрөөгө бошотулганын билдирди. АКШнын мурдагы президенти Обама жана БУУнун мурдагы баш катчысы Пан Ги Мун баш болгон 160 эл аралык ишмер Юнуска каршы жүрүп жаткан соттук куугунтуктарды айыптап, анын коопсуздугу жана эркиндиги үчүн тынчсыздануусун билдирген биргелешкен ачык кат жарыялашты. (Шарк аль-Авсат, 2024-жыл, 1-январь).

Ошентип Британия карасантайлык саясаты аркылуу Мухаммад Юнусту Американы ыраазы кылуу үчүн убактылуу өкмөткө алып келди жана Хасинаны сүргүн кылуу менен наразылыктарды токтото алды. Картайып калган Американын ишенимдүү адамын дайындоо менен Американы канааттандырды... Британия Хасина качканга чейинкидей, Бангладешти армия командири аркылуу көзөмөлдөп кала берүүдө!

Ошондуктан, Бангладеште эл аралык күрөш дагы эле уланууда. Тигил же бул колонизатордун көз карашын кабыл алып, каапыр колонизаторлордун кызыкчылыгына кызмат кылууну көздөгөн малайлар бул дүйнөдө да, акыретте да зыян тартуучулардан болушат. Бул дүйнөдөгү зыяны күнөөлөрү үчүн мойнуна шерменделик илинет. Ал эми акыретке келсек, ал азаптардын эң оору. Аллах Таала айтат:

﴿سَيُصِيبُ الَّذِينَ أَجْرَمُوا صَغَارٌ عِنْدَ اللهِ وَعَذَابٌ شَدِيدٌ بِمَا كَانُوا يَمْكُرُونَ﴾

“Кылмыш кылгандар айла амал кылгандары үчүн Алланын алдында кордук жана катуу азапка туш болушат (Аньам: 124).

Эгер аң-сезимдүү болушса, ар бир өлкөдө, өзгөчө Ислам өлкөлөрүндө алар сыяктуу малайлардын башына түшкөн окуядан сабак алышмак. Алар же камалат, же өлтүрүлөт, же кор болуп өлкөдөн качып кетишет! Алар өздөрүнөн мурункулардан сабак алышпайт. Тескерисинче, өздөрүнүн адашууларында сокур бойдон калышат! Эгер алар акылдарына келишсе - Алар Роббисине кайрылып, Анын динин карманып, Анын динин бийик кыла турган мамлекетти тикелөө үчүн аракет кылгандарга колдоо көрсөтүшпөйт беле? Туура жолдогу Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык

мамлекетин Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) Ахмад жана Ат-Таялиси риваят кылган хадисинде убада кылган:

«ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ»

“...Андан кийин Пайгамбарлык минхажы негизинде Халифалык болот”. Аларда акыл болсо Пайгамбарыбыз (с.а.в) куш кабар кылган мамлекетти тикелөөгө колдоо көрсөтүшпөйт беле? Эгер алар түшүнүшсө, Роббисине кайтпайт беле?! Аллах Таала айтат:

﴿إِنَّ فِي ذَلِكَ لَذِكْرَى لِمَنْ كَانَ لَهُ قَلْبٌ أَوْ أَلْقَى السَّمْعَ وَهُوَ شَهِيدٌ﴾

“Чындыгында, мында туя турган жүрөгү барлар жана күбө болуп туруп уккандар үчүн эскертүү бар”. (Коф: 37).

1446-х 11-Сафар

2024-ж 16-август.

## Борбордук Африкадагы күрөш тууралуу суроого жооп

**Суроо:** *2014-жылы 20-февралда БУУ башкы секретары Пан Ги Мун коопсуздук абалынын дагы да жамандашуусуна жол бербөө үчүн Борбордук Африкага тездик менен кошумча аскерий күчтөрдү жиберүүнү талап кылды. Белгилүү болгондой, Коопсуздук Кеңеши 2013-жылы 5-декабрда Борбордук Африкага аскерий аралашуу жөнүндө резолюция чыгаргандан кийин Франция 5000ден ашуун Африка күчтөрү менен бирге өзүнүн 2000 аскерин да жиберген. Борбордук Африкада насранийлердин куралдуу топтору мусулмандарга каршы өлтүрүү, өрттөп жиберүү, өлтүрүлгөндөрдүн эттерин жеш, үйлөрүн ойрон кылуу, мал-мүлктөрүн талап-тоноо, көчүп кетүүгө мажбурлоо сыяктуу жырткыч жана жийиркеничтүү кылмыштарды жасады. Борбордук Африка республикасынын биринчи мусулман президенти Мишель Жотодия 2014-жылы 10-январда отставкага чыгып, Катрин Самба-Панза 2014-жылы 20-январда бул республиканын президенти деп жарыя кылынды. Америка Африка күчтөрүн колдоп-кубаттарын билдирип, 2015-жылдын февраль*

*айынан мурун шайлоолорду өткөрүүгө чакырды. Бул мамлекеттеги күрөштүн акыйкаты кандай? Кырдаал кандай тариздe курчуду? Бул кризистин себептери эмне? Ал кай тарапка багыт алууда?*

**Жооп:**

Бул суроого жооп берүү үчүн Борбордук Африкадагы мусулмандардын абалын карап чыгуубуз, бул мамлекеттеги төңкөрүштөрдү, бул төңкөрүштөрдүн мамлекеттер ортосундагы күрөшкө карата алакасын жана мындан келип чыккан акыбеттерди баян кылышбыз зарыл:

1 – Борбордук Африкадагы мусулмандардын саны өлкөнүн 5 миллионго жеткен калкынын 15-20%ын түзөт деп көрсөтүлгөн. Бирок, мусулмандардын мамлекет бойлоп чаржайыт жайылганы эсепке алына турган болсо бул сан шектүү эсептелет. Бул жааттагы статистикалык маалыматтар калыс жана таза эмес. Себеби, бир нече факторлорго ылайык мусулмандардын саны ар дайым атайын аз көрсөтүлөт. Ошондуктан, мусулмандардын саны ушул сандан көп экендигинин ыктымалы күчтүү. Ал эми, калктын калган бөлүгүн насранийлер жана бутпарастар түзөт... Мусулмандар борбор Бангиде көбүрөөк жайгашкан. Алар борбордо бир нече чоң мечиттерди жана Куръан таалими бериле турган медреселерди курушкан. Мусулмандар башка бир нече негизги шаарларда жана региондордо да, айрыкча мамлекеттин түндүгүндө да кеңири жайылган. Анткени, түндүктө миладий он жетинчи кылымдын аягында исламий салтанат пайда болгон. Бул султандык Чад түштүгүндөгү исламий Багирми салтанатынын султандарынын бир канчасы өз салтанаты кулагандан кийин Борбордук Африканын түндүгүнө көчүп келишкенде пайда болгон. Бул султандардын колу астында Чад түштүгүндөгү, Борбордук Африканын түштүгүндөгү көптөгөн бутпарастар Исламга кирген. Белгилүү болгондой, Ислам Борбордук Африка регионуна миладий он үчүнчү кылымда кирип келген жана түндүктүн борбору саналган Индли регионунда жашаган Ронга уруусу, түндүк-чыгыш борбору саналган Бирао шаарында жашаган Вакага

уруусу сыяктуу кээ бир уруулар Исламга кирген. Бул региондор алтын, алмаз жана уранга бай, ал жерлерде мусулмандар жыш болуп жашашат. Бул мусулмандар он сегизинчи жана он тогузунчу кылымдарда түрдүү себептерге ылайык бул региондорго келип калышкан. Алар өз боордоштору менен бирге француз колонизаторлорду мамлекеттен кууп чыгарууга өз салымдарын кошушкан. Бул региондорго Африка батышынан Хауса жана Фулани урууларынын мусулмандары да келип орношкон. Алар Камерун менен чектешкен түштүк-батыш региондорундагы калктын эң көп бөлүгүн түзүшөт. Ошондуктан, режим жана анын артында турган Франция, айрыкча, Патассе режими бутпарастар арасында Исламдын жайылышынан коркуп мусулмандарды бутпарастардан бөлүүгө аракет кылды. Режим муну менен гана чектелген жок, мусулмандар бийликтен жана мамлекеттик кызматтардан да четтетилди. Натыйжада, мусулмандар соода менен алектенүүгө өтүштү. Ошондуктан, мусулман соодагерлери кыргын кылынгандан кийин соода токтоп калды, мунун акыбетинде борбор Банги калкы арасында азык-түлүк продукцияларынын үлкөн тансыктыгы байкалды.

2 – Француз колонизаторлугу Борбордук Африкага 1885-жылы кирип келген. Франция Бангиде өзүнүн аскерий басасын курду, акыбетте, бул регион 1894-жылы расмий француз колонияларынын бирине айланды. 1960-жылы болсо Франция бул регионго үстүртөн көз карандысыздык берип, насранийлерди мамлекет иштерине өкүмдар кылып койду. Натыйжада, бул мамлекетте Франция таасири жана колонизаторлугу мурункудай сакталып кала берди. Ушул максатта Франция акимдерди насранийлер арасынан тандап алып, төңкөрүш жолу менен же шайлоо деген айла-амал аркылуу бийликке алып келе турган болду. Мисалы, Франция Борбордук Африкага үстүртөн көз карандысыздык бергенде Давид Дакону биринчи президент кылып орнотту. Бирок, эки жыл да өтпөй анын башкаруусунда зулумдук көзгө уруна баштады жана ал өзүнүн атаандаштарына каршы репрессияларды өткөрө турган болду. Африкага карай бастырып кирип келе

жаткан Америка бул абалдан пайдаланып калды. Ошол доордо Советтер Союзу эски колонизаторлукка каршы күрөшүү аракетин баштаган эле. Советтер Союзу бул жаатта 1961-жылы Америка менен келишип алган. Өз ара келишип саясат жүргүзүүнү жарыялаган бул эки мамлекет Африка калктарын эски колонизаторлорго каршы козгоодо таасири болду. Натыйжада, Франция бул мамлекеттеги өзүнүн таасирин жоготуп коюу мүмкүндүгүнөн тынчсызданып калды. Ошондуктан, Франция 1966-жылда башкы штаб башчысы Жан Бедель Бокассаны төңкөрүш жасап бийликти өз колуна алууга тукурду. Мурунку президент Давид Дако кийинчерээк Бокассанын кеңешчиси болуп дайындалды. Бул болсо Франция бул төңкөрүштү Америка-Совет чабуулуна каршы уюштурганына далалат кылып турат. Франция муну менен бир диктатор аскерийди француз таасирине каршы турган ар кандай кимсени зомбулук менен жок кылуу үчүн дайындады. Бокасса өз диктаторлугун улантып, анын режими мамлекеттеги француз таасиринин коргоосуна таянды, 1976-жылга келип ал өзүн император деп жарыялады. Ал француздарды өтө улуулаган, а түгүл, француз президенти Де Голлду ата деп атаган, ал мамлекетти француздардын «эгин талаасына» айлантты. Бокасса жөнүндө ал адамдардын этин жейт, балдарды өлтүрөт деген көптөгөн айың-кептер тараган, акыбетте, коомдук пикир ага каршы болуп калды. Ошондуктан, Франция аны бийликтен алуу үчүн бул мамлекетте турган өзүнүн аскерий күчтөрү менен дароо аралашты жана Давид Дакону 1979-жылы экинчи жолу мамлекеттин президенти кылып орнотту. 1981-жылы сентябрда армия генерал Андре Колингба башчылыгында төңкөрүш жасап Дакону бийликтен алып таштады. Франция 1990-жылы Чадда Америка малайы Хабрени кулатып, анын ордуна өзүнүн малайы Идрис Дебини алып келген соң Борбордук Африкада Франциянын кубаты күчөдү. Себеби, Чад Борбордук Африкадагы француз таасирин бекемдөөнүн бир таянычы болуп эсептелген... Ошентип, Франция өзүнүн таасири негизинен Борбордук Африкада сакталып калганын көрдү. Бул

мамлекеттеги бийликке демократия түсүн бермекчи болду. Ушул максатта Франция бул мамлекетте армияны бийликтен четтетип жаңы шайлоо өткөрүүгө чечим кылды. Ошондуктан, 1993-жылы президенттик шайлоо өткөрүлүп, оппозицияга башчылык кылып келе жаткан Франция малайы Феликс Патассе жеңип чыкканы жарыя кылынды. Франция Америка чүмбөт катары таянып жаткан демократия чакырыктарынын таасиринен оолак болуу үчүн буга мажбур болду. Америка Африкада эски колонизаторлукту кулатып, анын ордун өзү ээлөө максатында демократия деген чүмбөттөн пайдаланып жаткан! Ошентип, Франция шайлоо аркылуу бийликти жана Франсуа Бозизе башчылыгындагы оппозицияны пайда кылды. Бул оппозиция курамында түрдүү этникалык топтор, мусулмандар да бар эле. Бул оппозиция жана айрыкча мусулмандар Патассени коррупцияда жана оппозицияны куугунтуктоодо айыптады. Оппозиция куралдуу козголоң жолуна өттү... Ошондуктан, Франция Патассени алмаштыруу керек деген чечимге келип, 2003-жылы 15-мартта оппозиция жетекчиси Бозизени алып келип республика президенти кылып дайындады. Анын бийликке келишине мусулмандар жардам берди... Бирок, Бозизе аны колдогон мусулмандарга жана ага тарапкер болгон оппозицияга каршы туруп, аларды теңсинбей койду, тескерисинче, аларга душман катары карады! Ошондуктан, ал өзүн коргоо вазыйпасын отставкадагы француз генералы Жан-Пьер башчылыгындагы бир француз коопсуздук компаниясына тапшырды. Ал 2005,2011-жылдары шайлоо өткөрүп жеңип чыкканын жарыялады... Мына ушул доордо ага каршы дагы козголоң көтөрүлдү жана Селека кыймылы пайда болду (Селека деген аталыш мусулмандар башчы болгон беш уюм ортосунда түзүлгөн союз же коалиция деген маанини түшүндүрөт, бул уюмдардын эң чоңу Жотодия башчылыгындагы уюм). Бозизе ушунча «спектакль» шайлоолорду уюштурганына карабастан мамлекеттеги абал турукташпады жана Бозизенин диктаторлугу, айрыкча, мусулмандарга каршы зомбулугу дагы да күчөдү. Бозизе режими өзүнүн күчтөрүнө мусулмандардын мал-мүлктөрүнө кол

салууну буюрду. Натыйжада, өз жанын жана мал-мүлктөрүн коргогон жүздөгөн мусулмандар курман болду...

3 – Мына ошондон кийин 2013-жылы 1-ноябрда Габон борбору Либревильде бирер чечимге жетишүү үчүн Бозизе жана Селека кыймылы катышкан конференция өткөрүлдү... Конференция Борбордук Африкадагы мусулмандардын канчалык үлкөн зулумга дуушар болуп жатканын көрсөттү. Себеби, мусулмандардын жөнөкөй акы-укуктары да тебелеп-тепселген болчу... Конференцияда мусулмандар катардагы талаптарды алга сүрүштү: Исламды башка диндер сыяктуу моюнга алуу, рамазан айтын жана курман айтын расмий майрам катары белгилөө, мусулмандарды куугунтуктабоо... Бирок, Бозизе чебердик менен бул талаптарды аткарууну кечеңдетти. Ал мусулмандардын жана Селеканын кээ бир талаптарына – бул француз малайынын бийликте 2016-жылга чейин калуу шарты менен – ыраазылык бергенден кийин жана Бозизенин – ал ишке ашырган кыргындарга карабастан – бийликте калышын кепилдеген келишимге карабастан о.э. француз маалымат агенттиги кабар тараткандай Америка бул келишимди колдоп-кубаттаганына карабастан Франция жана Бозизе бул катардагы укуктар жөнүндөгү талаптарды аткаруну кечеңдетти. Жада калса, бул укуктарга каршы туруп, мусулмандарга каршы жырткычтыктарды дагы башташты. Натыйжада, Селека сарай карай аракеттенип, президентке айланган Мишель Жотодия башчылыгында 2013-жылы 24-мартта аны ээлеп алды... Ошондо Франция дүрбөлөң көтөрдү. Себеби, Жотодия мусулман эле. Акыйкатта болсо, Жотодия бийликти өз колуна алынгандан тартып Батышты ыраазы кылууга урунду. Анын билдирүүлөрү муну ырастап турат. Ал өзүн мамлекеттин убактылуу президенти деп жарыя кылганда мындай деди: «Борбордук Африка – илманий мамлекет, масихийлер жана мусулмандар илманий мамлекетте жашап жатат, туура, мен мусулманмын, бирок, менин вазыйпам мекениме жана Борбордук Африканын бардык жарандарына кызмат кылуу». (Халиж, 2013-жыл, 31-март). Булардын баары Батышты,

айрыкча, Францияны ыраазы кылуу үчүн болгон эле. Ал тургай, Жотодия насранийлердин куралдуу топторун куралсыздантпай калтырды. Бирок, ушуга карабастан, Франция жаңы президентти моюнга албады, Франция малайлары да аны моюнга алышпады... Ал мусулман болгону үчүн Франция ага каршы жан үрөп аракет кыла баштады. Франция малайлары да Францияны ээрчиди. Мына ошондон кийин Франция Борбордук Африка жетекчилерин козгоп аларды 2013-жылы 3-апрелде Чад борбору Нжаменада конференция өткөрүүгө чакырды. Конференцияда Франциянын белгилүү малайы Идрис Дебе мындай деп кайрылуу жасады: «Астыбызда өзүн-өзү президент деп тикелеп алган кишини моюнга алуубуздан башка арга жок экени анык көрүнүп турат». (Васат, 2013-жыл, 5-апрель). Өткөөл кеңеш 2013-жылы 13-апрелде Мишель Жотодияны мамлекет президенти кылып шайлаганын жарыя кылган болсо да, бирок, мунун эч бири актоочу нерсе болбоду. Себеби, Жотодия мусулман эле. Ошондуктан, Франция бул өкмөткө жардам көрсөтүүнү токтотуп койду. Негизи бул мамлекеттин уран, алтын, алмаз сыяктуу байлыктарын ушул Франция талап-тоноп жаткан. Франция бул байлыктарды өзүнүн жеке мүлкү деп эсептеп, Борбордук Африка өкмөтүнө жардам берип жатканын милдет кылып, каалаган убакта бул «жардамды» токтотуп коёт!

4 – Франция аралашуу үчүн жана бул аралашууну актоо максатында проблемаларды жасалма түрдө келтирип чыгаруу үчүн абалды даярдоого киришти. Ошондуктан, Франция 2013-жылы 5-декабрда Коопсуздук Кеңеши тарабынан Францияга Борбордук Африкага аскерий аралашуу укугун берген резолюцияны чыгартууга жетишти. Натыйжада, 2013-жылы 8-декабрда аскерий аралашуу жүз берди. Француз президенти Франсуа Олланд Мишель Жотодияны отставкага чыгууга жана мөөнөтүнөн мурун шайлоо өткөрүүгө чакырды. Ушул максатта Франция 2014-жылы 10-январда Чад борбору Нжаменада Африка регионалдык саммитин өткөрдү жана Жотодияны отставкага чыгууга мажбур кылуу үчүн ушул саммит аркылуу өз

басымдарын өткөрдү. Натыйжада, Жотодия ушул саммитте отставкага чыкканын жарыялады жана 2014-жылы 20-январда борбор Банги шаарынын башчысы Самба-Панза мамлекеттин убактылуу президенти деп жарыя кылынды. Мунун артынан насранийлердин куралдуу топтору француз күчтөрүнүн көзү алдында ишке ашырган жырткыч иштер башталды. Француз күчтөрү Селека кыймылынын 7000ден ашуун согушкерлерин тынчтыкты сактоо деген шылтоо менен куралсызданткан эле. Бирок, француз күчтөрү насранийлердин куралдуу топторун, айрыкча «Анти-балака» деген топту куралсыздантпады, тескерисинче, бул топторду колдоп-кубаттады! Президент Жотодия кулатылгандан кийин бул куралдуу топтор мусулмандарды өлтүрүү, өрттөө, эттерин жеш, үйлөрүн, мечиттерин, медреселерин, мекемелерин ойрон кылуу, мал-мүлктөрүн талап-тоноо сыяктуу жырткыч иш-аракеттерди алып барды. Бул жырткычтыктар француз жана Африка күчтөрүнүн көзү алдында ишке ашырылды. Ал тургай, БУУ отчёттору Францияны насраний куралдуу топторду куралсыз мусулмандарга каршы колдоп-кубаттагандыкта айыптады... Жаңы президент бул жырткыч кылмыштарды моюнга алып мындай дегенге мажбур болду: «Анти-балакадагылар өз вазыйпаларынын маанисин жоготуп коюшту, алар бүгүн канкорлорго айланышты». «Алар мен аял болгонум үчүн мени алсыз деп билишет, бирок, азыркы учурдан тартып адам өлтүрүүнү каалаган Анти-балака кыймылындагылар куугунтукталышат». (BBC радиосу, 2014-жыл, 12-февраль). Бул радио минтип кошумчалады: «Он миңдеген мусулмандар Борбордук Африкадан Камерун жана Чадга качып өтүштү, алардан бир бөлүгү мамлекет ичиндеги лагерлерден башбаанек табышты, Эл аралык амнистия уюму куралдуу топтордун чабуулдары тарыхта болуп көрбөгөндөй мусулмандардын массалык түрдө көчүп кетишине алып келди деп билдирип Борбордук Африкадагы абалды тектик тазалоо деп баалады». Ушуга карабастан, мамлекет президенти муну четке какты, тескерисинче, ал «мамлекетте болуп жаткан окуялар коопсуздук проблемасынан турат» деди!

5 – Америка француздар жана алардын Борбордук Африкадагы малайлары ишке ашырган кыргындардан пайдаланып калууга урунду. Ушул максатта Борбордук Африкадагы Африка күчтөрүн – бул күчтөр француз күчтөрүнө тең болушу үчүн – күчөтүүгө аракет кылды. Муну менен француз жеке өкүмдарлыгы жоголуп, аны бүтүндөй жок кылуу үчүн чөйрө даярдалат, анын ордун Америка чечимдери ээлейт же Америка ага шерик болот... Адамдар француз күчтөрүн кылмышкер насраний куралдуу топтор менен тил бириктиркендикте айыптай башташты. Ошондуктан, француз күчтөрүнүн эмес, Африка күчтөрүнүн келишин талап кылуулар күчөйт. Бул талаптарды Америка булактары о.э. Американын таасири үлкөн болгон БУУ булактарынын чакырыктары колдоп-кубаттады... Мисалы, Америка конгрессиндеги тышкы иштер комиссиясынын Африка иштери боюнча комиссиясынын төрагасы Кристофер Коон мындай деди: «Комиссия Африка Союзу күчтөрү тынчтыкты бекемдөө жана зомбулукту токтотуу үчүн зарыл болгон күчкө ээ болушун камсыздоо үчүн умтулуп жаткан тараптардын иш-аракеттерин колдоп-кубаттоо үчүн Кошмо Штаттар эмне кылууну аныктоо максатында угуу жыйынын өткөрдү». (Америка мамлекеттик департаментинин сайты IIP Digital, 2013-жыл 23-декабрь). Американын БУУдагы туруктуу өкүлү Саманта Пауэр жана Америка мамлекеттик департаментинин Африка иштери боюнча жардамчысы Линда Томас-Гринфилд болсо 2013-жылы 19-декабрда Бангиге барып ал жерде өткөөл өкмөттүн жооптуулары менен менен жолугушту. Гринфилд мындай дейт: «Биз туруктуулукту орнотуу үчүн Африка бириккен күчтөрүнүн миссиясына күчтүү укук берүү учурда куралдуу топтор жана бөлүмдөргө каршы туруу жана аларды куралсыздантуу үчүн зарыл деп билебиз». (Жогорудагы булак). Буга карама-каршы түрдө Франция эл аралык күчтөрдү Европа мамлекеттеринен жибериле турган күчтөр менен бекемдөөгө аракет кылды. Максат, бул күчтөрдүн Африка күчтөрүнө каршы турушу эле. Себеби, Африка күчтөрүнүн саны 4400гө жеткен, аларга Руандадан дагы 850 аскер

келип кошулат. Ушул себептен улам, француз президенти 2014-жылы 14-февралда Борбордук Африкага кошумча 400 аскерди жиберүүгө чечим кылды. Ошентип, француз аскерлеринин саны 2000ге жетти. Француз президенти мындай билдирүү берди: «Бул кошумча 400 аскер Европа Союзунун аскерий операцияларында катышат». Ал өзүнүн билдирүүсүндө мындай деп кошумчалады: «Франция Европа Союзунун курамында Европа полиция күчтөрү саналган EUFOR күчтөрүн тездик менен жайгаштырууга чакырат». Айрым дипломатиялык булактардын билдиришинче, Европа Союзунун катышуусу 900 аскерге жетиши мүмкүн т.а. жайгаштырылышы күтүлгөн 500 аскерден ашуун болот. (АФП, 2014-жыл, 14-февраль). Америка болсо Африка күчтөрүн каражат менен камсыздоого чечим кылды. Америка мамлекеттик департаментинин өкүлүнүн орун басары Мари Харф мындай деди: «Биз Борбордук Африка республикасында зомбулуктар дагы да күчөп жатканынан тынчсызданып жатабыз. Бул зомбулуктар күчөп жаткан гуманитардык кризиске жана массалык түрдө жырткыч иштердин жүзөгө чыгуу коркунучу күчөшүнө алып келди. Ошондуктан, кече биз Коопсуздук Кеңешинде ортоктош күчтөр жөнүндөгү резолюцияны жактап добуш бердик, бул резолюция Африка Союзу күчтөрүнө жана бул күчтөрдү колдоп-кубаттаган күчтөргө абдан көп убактан бери азап тартып келе жаткан калкка тынчтыкты кайтаруу жана тынчтыкты орнотуу үчүн жетинчи берене астында толук көзөмөлдөө укугун берет. Биз Африка Союзу күчтөрүн жана зарылдык жаралса союздаштарыбыз француз күчтөрүн да керектүү жардамдар менен камсыздоо үчүн же техникалык жабдыктар жана машыгуулардан өткөрүү үчүн 40 миллион долларлык жардам көрсөтмөкчүбүз». (IIP Digital, 2013-жыл, 6-февраль). Америка таасири астындагы Африка мамлекеттеринин күчтөрү болобу же кийин келе турган Европа күчтөрү менен кубаттана турган француз күчтөрү болобу, эч айырмасыз, 8000ге жеткен бул күчтөр Африка республикасындагы тынчтыкты коргоо максатында жиберилбегени анык көрүнүп турат. Себеби, бул күчтөр мусулмандарга каршы ишке ашырылып

жаткан жырткычтыктарды жана кыргындарды токтотуу үчүн эч нерсе кылбады. Негизи, бул күчтөр олуттуу аракет кылганда бул кыргынды албетте токтото алмак. Себеби, Борбордук Африка мамлекети калкы аз болгон бир кичине мамлекет, бирок, бул күчтөр кыргынды токтотуу үчүн эч нерсе кылбады. Тескерисинче, бул күчтөр француз таасири жана өз таасирин киргизүүгө жан үрөп аракет кылып жаткан Америка таасири ортосундагы күрөшкө кирет. Ошентип, Америка менен Франция ортосундагы бул күрөш майданында мусулмандардын каны беймарал төгүлүп, эттерин адамдар жей болуп калды. Америка менен Франция бул күрөш майданында бийге түшүүдө, бул колонизаторлордун буттары мусулмандардын канына малынууда.

6 – Демек, Америка Африка күчтөрүн күчөтүү жана бул күчтөрдүн вазыйпасын күчөтүү аркылуу Борбордук Африкада өз таасирин бекемдөөгө аракет кылууда. Ушул себептен улам, Америка саясатынын жүгүртөгү БУУнун башкы секретары Пан Ги Мун Коопсуздук Кеңешинен «тынчтыкты орнотуу жана катардагы жарандарды коргоо үчүн кошумча 3000 аскерди шашылыш жайгаштырууну» талап кылды. (АФП, 2014-жыл, 20-февраль). Бул күчтөр Африка күчтөрүнөн түзүлүшү маалым. Америка саясий процессти кийин шайлоо өткөрүлүшүн каалап жатканы көрүнүп турат. Мында Америка Борбордук Африкада таасирди Франция менен өз ара бөлүшүп алуу үчүн мусулмандар канынан пайдаланууда! Франциянын да бардык нерсени колдон чыгарбоо үчүн саясий чечимдерде Америка менен бирге кадам ташташы күтүлөт. Себеби, бул жолу Францияга мурунку абалдардан да кыйын болот. Ошондуктан, Франция да өзүнүн малайларын шайлоо аркылуу бийликке алып келүүгө аракет кылат.

7 – Сөзүбүздүн аягында ушуну айтабыз, мусулмандардын каны Америка менен Франция ортосундагы таасир талашуу күрөш майданына айланып калды. Бул колонизаторлорду мусулмандардын каны дайра болуп төгүлүшү, карылар, балдар жана аялдардын азапталышы, тирүү абалда

эттери желиши таптакыр тынчсыздандырбайт. Тескерисинче, бул кафир колонизатор мамлекеттер үчүн ушул кескиленген адам мүчөлөрү үстүндө үстөмдүккө жетишүү маанилүү... Колонизатор кафирлер бир улут болуп, алар момун туурасында убадага да, милдетке да бапаа кылышпайт... Ошондуктан, эки тарап тең – ыкмалары түрдүү болбосун – мусулмандарды кыргын кылууга таянат. Ошондуктан, бул колонизаторлор насраний куралдуу топтор мусулмандар канын ичишине жана ашынып шүмшүңдөп жүрүшүнө жол ачып берди. Бирок, өкүнүчтүүсү, мусулмандарга боор ооруп ыйлаган эч ким жок. Ошондуктан, мусулмандардын каны Палестина, Бирма, Кашмир, Чеченстан, Татарстан жана Сирияда үрөй учурган таризде беймарал төгүлүүдө. Мына эми бул кандар Борбордук Африкада да төгүлүүдө. Мусулман өлкөлөрүндөгү акимдер болсо мусулмандардын кызыкчылыктарына эмес, Батыштын кызыкчылыктарына кызмат кылышууда. Ошондуктан, алар бул кыргындарга кудум бул кыргындар башка дүйнөдө болуп жаткандай унчукпай карап турушат. Акыйкатта болсо, бул кыргындар ушул акимдер өкүмдарлык кылып жаткан жерлерден бир аз гана алыс жерде жүз берип жатат. Бул акимдерге кыйроо болсун!

Корутундулап айтсак, мусулмандар кол салуучулардан коргоно калканды жоготушкан, коргоочу халифаны жоготушкан. **«Имам – анын артында туруп согуш кылына турган жана аны менен коргонула турган калкан».** Бул хадисти Бухарий Абу Хурайра р.а.дан чыгарган.

**23-февраль, 2014-м.**

## Британиянын Европа Союзунан чыгуусу боюнча берилген суроолорго жооп

### Брексит боюнча өткөрүлгөн референдумдун натыйжалары

**Суроо:** *Британияда 2016-жылы 23-июнда Европа Союзунда калуу же андан чыгуу туурасында референдум өткөрүлдү. Референдум натыйжасында чыгууну жактап 52% добуш берилди. Мунун артынан*

*Британия премьер-министри Кэмерон отставкага кетерин жарыялады. Лекин, анын өкмөтү үч ай иштеп тура турган болду. Бул референдум натыйжасы Кэмерондун каалоосуна тескери болдубу? Британиянын Европа Союзунан чыгуудагы экономикалык жана саясий таасири кандай болот? Британия Союздан биротоло чыгып кетеби? Т.а. Британия үчүн кайтуу жолу жокпу? Мында Американын ролу барбы? Аллах сизди жакшылыктар менен сыйласын.*

**Жооп:** Бул суроодо көтөрүлгөн маселелерди ачык-айкын элестетүү жана күчтүүрөөк ыхтымал анык болушу үчүн ушуларды карап чыгабыз:

1 – Британия 2008-жылдагы экономикалык кризистен тарта Европа Союзу менен болгон мамилелерин жана бул Союз Британия кызыкчылыгына кызмат кылбай жатканын ар дайым ачыктап келди. Премьер-министр Девид Кэмерон 2016-жылы январда Давос саммитинде сүйлөгөн сөзүндө Британиянын Европа Союзуна карата позициясын баяндап ушуларды айтты: «Европа Союзу Британияда рейтингин улам жоготуп барууда. Биз Британиядагы адамдардын Европа жаатындагы тынчсыздануударын жоюу үчүн референдум өткөрүүбүз зарыл, мисалы, мыйзамдарды иштеп чыгуу идеясы жана көптөгөн бюрократиялык тоскоолдуктар бар экендиги жаатында тынчсыздануулар бар. Жана Союз бир валютага ээ клуб болушунан көрө чоңураак нерсеге айланышы мүмкүн экендиги жөнүндөгү идея да бар, биз ага ыраазы боло албайбыз. Европанын чынында эле бир саясий Союз болуу жөнүндө баш катырып жаткан идеясына келсек, андай саясий Союзга Британия эч качан ыраазы болбогон. Себеби, Британия биз бир саясий Союздун бир бөлүгү болушубуз тууралуу идеяга эч качан ыраазы болбогон. Биз өзүбуз менен сыймыктанган эгемен мамлекетпиз. Биздин эгемен жана демократиялык мекемелерибиз бар, биз алар менен сыймыктанабыз. Бул мекемелер кызыкчылыктарыбызга жакшы кызмат кылып келүүдө. Булар биздин кадыр-баркыбыз экенин ачык айтууну каалайбыз. Европа улуттук эгемен мамлекеттерден куралып, бул мамлекеттер өз ара пайда көрүүдө

кызматташтык кылуу үчүн жолугушуп турат. Бирок, Европа тамыры улам тереңдеп бара турган саясий Союз эмес. Британия калкы мындай Союзду каалабайт жана ага эч качан кол койбойт» (Gov.uk, 2016-ж, 21-январь). Кэмерон ушул негизде февраль айында европалыктар менен сүйлөшүүгө киришип, Британиянын каалоосунан да көбүрөөк нерсеге жетишти, мисалы, Британиянын улуттук өздүгүн сактап калуу укугун колго алды. Натыйжада, Британия саясий жактан Союзга сиңип кетпей, өзүнүн эгемен вужудун Союздан айры абалда сактап калды жана ага карата Шенген келишими колдонулбай турган болду, Британия чегаралары ал каалабаган чектөөлөрсүз кала турган болду. Союз еврозонага кирбеген Британия валютасы фунт стерлингди моюнга алат. Союз Британияга келген европалыктар Британияда толук 4 жыл жашамайынча атайын жардам жана бекер башбаанек алуу укугу чектелишин да моюнга алды. Кэмерон келишимге кол коюу учурунда үмүт кылган натыйжаларга жетишкенин билдирип: «Европа Союзунун жетекчилери менен кол коюлган келишим Союз ичинде Британияга өзгөчө статус беришин», - айтты. (Би-Би-Си, 2016-жыл, 20-февраль). Кэмерон Европа Союзунан «мүчө мамлекеттердин улуттук парламенттерине, анын ичинде англис парламентине да Европа кеңешинин токтомдорун сынга алуу же аларды жокко чыгаруу укугун берген кенен укук берилишин» талап кылган. Лекин Союз бул талапка макулдук берген жок. Британия көп нерселерге жетишти, бирок, ошого да карабастан, Европа Союзунун токтомдору жана мыйзамдары Британия үчүн мажбурий болбошун каалады, каалаган токтомго каршы чыгып, каалаганын кабыл алуу укугуна ээ болгусу келди. Эгер ушундай болгондо Европа Союзу үчүн Британия үстүнөн эч кандай өкүмдарлык калбайт эле. Англистер ушул нерсени каалап жатышкан. Алар Союзду өз мүчөлөрүнө өкүм өткөрө албаган күчсүз уюмга айландырышмакчы. Британия адатынча Союздун мыйзамдарына амал кылбастан андан пайдаланмакчы болгон. Британия ушундай артыкчылыктарга ээ болуу үчүн референдум жана Союздан чыгуу темасынан

басым өткөрүүчү курал катары пайдаланып келди. Маалым болгондой, Кэмерон 2015-жылдагы шайлоо кампаниясында, эгер шайлоодо утуп чыкса, ушул референдумду өткөрүүнү убада кылган. Бу Британиянын артыкчылыктарга ээ болуу үчүн референдум өткөрүү тууралуу каңкуулаган ар дайымкы адаты болчу. Британия бул жол менен Европа Союзун жана башка мүчө мамлекеттерди – Европа Союзунан чыгуу тууралуу референдум өткөрүү токтомунун улам жарала турган – саясий жана экономикалык силкинүүлөр менен коркутуп келген!

Британия Союздан упай чогултуу үчүн референдум менен коркутуу саясаты жаңылык эмес, ал Британия Союз курамына кирген алгачкы жылдардан баштап эле жүргүзүлүп келе жаткан саясат. Британия 1973-жылы январда Европа экономикалык тобуна мүчө болгондон тартып өз валютасы фунт стерлингди сактап калышы жана «Шенген» зонасынан сыртта калышы – Британия Европа Союзуна мүчө болушуна карабастан – ал ар дайым пайдаланып келген өзгөчө статуска ээ болуу ураандарынан да болуп келди. Британия Союзда калуу тууралуу референдум өткөрүү идеясынан Европа мамлекеттерине кыянаттык кылуу куралы катары пайдаланып келди. Британия ушул аркылуу Союз ичинде кошумча өзгөчө укуктарга жетишмекчи болду. Мисалы, Британия 1973-жылы Союзда калуу шарттарын жакшыртуу боюнча референдум өткөрдү жана британиялыктар Европа экономикалык тобунда калууну жактап добуш беришти.

Ошондуктан, азыркы референдум жаңылык эмес. Британия ал аркылуу өзүнүн карасанатай максаттарына – ыплас максаттар болсо да – жетишмекчи болду! Бул референдумда консерваторлор партиясы айла-амалдуу аракет кылышты. Бул партиянын адамдары бир эле учурда эки кампанияны: Союзда калуу жана андан чыгуу кампаниясын башкарышты! Союзда калуу кампаниясына премьер-министр башчылык кылса, чыгуу кампаниясына анын орун басары Борис Жонсон башчылык кылды. Жонсон мурун Лондон мэри болгон. Ал Лондон провинциясындагы парламентте консерваторлар

үчүн белгиленген орунду ээлеш үчүн кызматынан отставкага кеткен. Буга анын келечекте премьер-министр болуу ыхтымалы бар экени себеп болгон. Азыркы юстиция министри Майкл Гоув да чыгуу кампаниясына жетекчилик кылды. Кэмерон өкмөт жыйынынан кийин референдум 2016-жылдын 23-июнуна белгиленгенин жарыялады. Ал кыскача мындай интервью берди: «Британия реформаланган Европа Союзу курамында дагы да күчтүү, дагы да коопсуз жана дагы да өркүндөп өскөн болот». (Монте Карло, 2016-жыл, 20-апрель). Кэмерон Союзду колдоп-кубаттаса да, лекин, ал анын партиясы Союзду колдоп-кубаттоого мажбур эместигин сактап калды. Кэмерон «бейшемби күнү өткөрүлө турган референдумда Союздан чыгуу тандоосу «чоң жаңылыштык» болот, бул жаңылыштык ондогон жылдарга созулган ишенимсиздик абалына алып келиши мүмкүн» деп турган чакта, анын өкмөтүндөгү юстиция министри Гоув «Санди телеграф» газетасына берген интервьюсунда: «Эгер, Британия Союздан чыга турган болсо, ал факель болот», - деди. Гоув буларды да айтты: «Жарандар демократия үчүн добуш берүүлөрү керек, Британия арзуулары үчүн добуш бериши керек». (Би-Би-Си, 2016-ж, 19-июнь). Ошентип, Британия премьери Кэмерон жана анын партиясындагы бир топ жетекчилер Британиянын Союзда калышын колдоп-кубаттаган лагерди түзүшсө, анын консерватор юстиция министри Гоув жана бир топ башка министрлер «Британиянын Союздан чыгышы» кампаниясын консерваторлар партиясындагы таанымал жетекчи, Лондондун экс-мэри Борис Жонсон менен биргеликте жетектей турган болушту.

Кэмерон башчылык кылып жаткан бийликтеги консерваторлор партиясынын ушул референдум саясатына терең назар салсак, Кэмерон натыйжалар чечүүчү болбошун, мисалы, тең болушун күткөндүгүн көрөбүз. Ошондо натыйжалар кабыл алуу жана жана четке кагуу ортосунда болуп калмак да, акыбетте Союзга кайтуу үчүн жол ачык калмак же бу натыйжалар Союз менен жаңы сүйлөшүүлөр алып барууга жол ачуу үчүн бир шылтоо кылып алынмак. Союзда калуу кампаниясын да жана андан чыгуу

кампаниясын да консерваторлор партиясы ушундай максатта башкарган эле. Ошондуктан, бул эки кампаниянын эч бири – бу референдум Союзда кошумча артыкчылыктарга ээ болууга бир жол болуп беришине олуттуу урунганчалык – олуттуу болбоду. Эгер Кэмерон Союзда калуу туурасында олуттуу болгондо, анда өз партиясынан өзүн колдоп-кубаттоону албетте талап кылмак жана бул партия калууну жактап добуш бермек. Бирок Кэмерон партиянын бөлүнүшүнө жол берди. Жонсон да өзүнүн кампаниясында олуттуу болгон жок. Референдумдан кийин анын билдирүүлөрүнүн тону өзгөрүп, ал тургай, Союзда калуу саясатына жакынырак болуп калды! Ал референдум натыйжасынан кийинки кайрылуусунда: «Бириккен Королдук Европанын ажырагыс бир бөлүгү, ошондуктан, коңшу мамлекеттер менен кызматташтык бекемделе берет», - деди. Анын чыгуу кампаниясындагы шериги Найжел Фараж да (консерваторлор партиясынан бөлүнүп чыккан Британия Эгемендүүлүгү партиясынын жетекчиси) референдумдан кийин европарламентте сүйлөгөн биринчи сөзүндө мындай деди: «Эмнеге эми улуу болбошубуз керек, неге эми прагматик, реалист, рационалдуу ой жүгүртүүчү болбошубуз керек, келгиле, бажы салыгынан бошотуудан турган бир келишимге жетишели, мына ошондон кийин, Бириккен Королдук силердин досуңар экенин билип аласыңар, биз силер менен соода-сатык кылабыз, силер менен кызматташабыз жана дүйнөдөгү эң жакшы досторуңар болобуз. Келгиле, ушуну акыл менен чечели, дүйнө бойлоп, келечекке карай умтулууларыбызды улантуу үчүн жолго чыгуубузга урухсат бергиле». (Телеграф, 2016-ж. 28-июнь). Жогорудагылар болсо консерваторлор партиясы пландаган нерсе чыгуу же калуу болбогонун, максаты Европа Союзунун дагы да көбүрөөк артыкчылыктарына ээ болуу үчүн Союзга басым өткөрүү болгонун көрсөтүп турат. Буга референдум натыйжасы чечүүчү болбой калышы, мисалы, добуштар тең чыгып калышы аркылуу жетишмекчи болушкан. Себеби, ошондо бу натыйжа кабыл алуу жана рад кылуу

ортосунда болуп калмак да, акыбетте кайтууга жол ачык калмак же бу натыйжалар Союз менен жаңыдан сүйлөшүүлөр алып баруу үчүн бетке кармалмак.

Лекин алардын эсеби туура чыкпай калды. Референдумда чыгууну жактап 52% көпчүлүк добуш берилди. Мындай натыйжа чагылгандай тийди! Себеби, Британия Союз курамында калып, андагы артыкчылыктардан, айрыкча, экономикалык артыкчылыктардан пайдаланмакчы болгон эле, бирок, ошол эле учурда Союз мыйзамдарына амал кылмакчы эмес эле! Буга чейин да ушундай максатта Британия Союз ичинде Союзга каршы «козголоң көтөрүп», референдум өткөрүү, артка сүрүү, каршы чыгуу жана проблемалар туудуруу менен коркутуп келе жаткан. Британиянын мындай манёврларынын көбү ийгиликтүү да чыккан. Лекин бул сапар Британиянын эсеби туура чыкпай калды! Анткени, Британия Союз менен алаканы үзө албайт, андан чындап биротоло чыгып кете албайт. Анткени, андай кылса ал өлүм жакасына келип калат. Мунун каршысында, Британия көпчүлүктүн районун урматтайбыз деп сайрап келет. Референдумда болсо, көпчүлүк Союздан чыгууга добуш берди. Ошондуктан, Британия кыйын акыбалга түшүп калды, анын союзга казган көрү өзүнө ор болуп калды!

2 – Бул чагылгандай сокку Британия менен Европаны гана камтып албай, экөөсүнөн нарыга да өтүп кетти. Мындагы эң чоң таасир Британияда экономикалык жана саясий жактан болду:

–Экономикалык таасир тууралуу айта турган болсок, Британия жана анын экономикасына болгон ишенимге зыян жетти. Референдум натыйжасы жарыялангандан бир нече мүнөттөн кийин фунт стерлинг наркы доллар алдында 10 %, евро алдында 7 % төмөндөп кетти. Европа жана Азия базарларында силкинүүлөр болду. Рейтер 2016-жылы 28-июнда минтип жазды: «Бу референдум натыйжасы дүйнөдөгү акциялар наркынан үч триллион доллардын жок болуп кетишине алып келди. Акча айлануударда – саясат иштеп чыгуучулар өз экономикаларын коргоо тууралуу убада берип

жатышкан болсо да – калкуулар дале сезилип турат». Натыйжада, Британия англис борбордук банкынын президентине абалды тынчтандыруу үчүн төмөнкүлөрдү айттырууга мажбур болду: «250 миллиард фунт стерлинг наркында жетиштүү акча каражаттары бар, андыктан, банк эч бир экиленбей эң соңку чукул чараларды көрөт» (Би-Би-Си, 2016-жыл, 24-июнь). Эл аралык кредит рейтинги агенттиктери «Стандард энд Пурс», «Мудис» жана «Фитч» Британиянын кредит рейтингин томөндөтүп, бир нече бюллетендерди басып чыкты. Аларда мындай делет: «Британиянын кредит даражасы эң жакшы «ААА»дан «АА» даражасына түштү»... Бу Британия үчүн биринчи жолу болууда. Ушул агенттиктер «Референдум натыйжасында жүзөгө келе турган ишенимсиздик кыска убакытта эң чоң секиндешүүгө алып келиши мүмкүн. Саясий чөйрө анын өнүгүүсүн алдын ала айтууга мүмкүндүк бербейт. Ошондуктан, туруктуулук, активдүүлүк жана мүмкүнчүлүк жагынан, эң кеминде, Шотландия эгемендүүлүгү туурасында референдум өткөрүү болот», деп билдирди. (АФП, 2016-ж, 27-июнь). Эл аралык Валюта Фонду кыймылсыз мүлктөрдүн бааларында кескин төмөндөө жүз бериши мүмкүндүгүнөн эскертти. Британия финансы министрлиги болсо «кыймылсыз мүлктөрдүн баалары мурунку бааларга салыштырганда 10 %дан 18 %га чейин төмөндөшү мүмкүн, кийинки эки жылда ушундай даражага жетишибиз мүмкүн», - деп билдирди. (Би-Би-Си, 2016-ж, 24-июнь). Базарларды тынчтандыруу үчүн кылып жаткан аракеттери «кереӊ кулактар» менен кабыл алынган Британия финансы министри Жорж Осборн болсо «финансылык туруктуулукка жетишүү үчүн сарп-каражаттарды азайтып, салыктарды көтөрүүгө мажбур болушун» билдирди. «Компаниялар да жаңы дайындоолорду тондуруп турушу жана бир нече кызматкерлерин жумуштан бошотушу ыктымалы бар экендигин жарыя кылды. Бу болсо добуш берүүчүлөрдүн Британия экономикасы Европа Союзу тышкарысында өркүндөп-өсүшү жөнүндөгү арзууларын жокко чыгарды». (Рейтер, 2016-жыл, 28-июнь). Кээ бир компаниялар өз бөлүмдөрүн Лондондон Европа

Союзундагы башка шаарларга көчүрүү жөнүндө шашылыш пландарын жарыялады. Файнэншл таймс көрсөткүчү ачылары менен 8 %дан да ылдый түшүп кетти, «бул болсо 2008-жылдан бери анын бир күндө көргөн зыяндарынын эң чоңу». (Ал-Жазира нет, 2016-жыл, 24-июнь).

Булардын бардыгы Британия бул референдум натыйжасында зыян көргөндүгүн түшүндүрөт. Бул болсо Британия үчүн – эгер ал Союздан бүтүндөй чыгып кете турган болсо – жаман көрсөткүч. Негизи, Британия мунсуз эле 2008-жылкы финансылык кризистин акыбеттеринен кыйналып келаткан эле. Британия Европа Союзунан абдан пайдаланып келди. Биз муну 2016-жылы 2-майдагы суроо-Жоопузда да айткан элек: «Британия экономикалык жактан да Европа Союзунан пайдаланып келет. Бул анын кампанияларына жана бай элитасына пайда келтирет. Мисалы, Британия экономикасында тейлөө тармагы өкүмдар. Британиядагы негизги тейлөөлөр болсо – финансылык тейлөөлөр. Британия товарларды аз экспорт кылат, ал киреше булагы катары негизинен финансылык тейлөөлөргө, капиталга жана чет элдик валюталарга таянат. Буга кошумча, Бириккен Европа Союзунун базары да Британия үчүн Европанын чар тарабына эч бир чектөөлөрсүз экспорт кылуу мүмкүндүгүн түшүндүрөт. Мындан болсо ири компаниялар жана бай элита пайда көрөт. Британиянын Европа Союзунан чыгышы аны ушул позициядан кол жуудурат жана мамлекетте саясий проблемалар пайда болушуна алып келет. Себеби, Европа Союзу – Британиянын соодадагы негизги шериги. Демек, Британиянын – ал Европадагы бир мамлекет болуп туруп – Союздан чыгышы анын Европадагы позициясын алсыратат. Мындан сырткары, Британия мындай абалда Европа Союзу менен анын сыртынан туруп атаандашууга мажбур болуп калат, бу болсо анын Союздагы таасирин алсыратат. Британиянын Европа Союзу курамында тургандагы таасири болсо күчтүүрөөк жана активдүүрөөк». Биз ошол суроо-жоопто буларды да айткан элек: «2015-жылы март айында Бириккен Королдук Европа сотунда Европа борбордук банкына каршы доосунда утуп чыкты. Европа борбордук банкы

еврозонадагы мамилелердин клиринг (валютасыз төлөм эсеп-китептери) вазыйпасын Союз ичине көчүрүүгө урунган. Мындай кадам Лондонду ыраактатуусу мүмкүн эле, Париж жана Франкфурт болсо дагы да жагымдуураак финансы борбору болуп калмак. Бу болсо Британиядагы экономикалык акыбалды алсыратар эле». Буга Панама окуясы натыйжасында Британия офшор зоналары азайып кеткендиги кошула турган болсо, булардын бардыгы, Британияны Союздан чыгуу референдуму себептүү, аны өзүнүн аяк астына өрт коюп жиберген кимсенин акыбалына салып коёт! Эгер, Союз курамынан чыгуу чындап амалга аша турган болсо, Британия Лондондун финансылык борбор экендиги касиетинен ажырайт жана Европа Союзунун финансылык борбору Франкфурт болуп, Лондондон жагымдуураак болуп калат. Ошентип, Британиянын тарткан зыяндары өтө оор, балекеттүү болот.

–Саясий жактан болсо Британиядагы референдум Британиядагы калктардын биримдигине өтө таасир кылды. Себеби, Шотландия калкы о.э. Түндүк Ирландия калкы Европа Союзунда калууну жактап добуш берди. Учурда бул калктар Британия курамында калуу же калбоо туурасында референдум өткөрүлүшүн талап кылууда т.а. Британия бүтүндүгү да суроо астында калды. Бул болсо Британия үчүн күтүлбөгөн абал. Себеби, Кэмерондун эң көзгө көрүнгөн ички утуштарынын бири 2014-жылдагы референдумда Шотландиянын Британия курамынан чыгышына жол бербөөгө жетишкендиги болгон. Ошондуктан, Британия Шотландия темасы узак убакытка чейин жабылды деп ойлогон. Бирок, бул тема 2016-жылы 23-июндагы референдумдан кийин дагы «витринага» күчтүүрөөк тариздe кайтты. Шотландия премьер-министри Старжен референдум натыйжасы белгилүү болушу менен эле «шарттар шотландиялыктар Британия курамында калууну жактап добуш берген 2014-жылдагы референдумдан кийин өзгөрүп кеткенин, ошон үчүн Шотландия Союз курамында калуу туурасында Европа Союзу менен шашылыш сүйлөшүүгө киришишин» айтты. Буга Британиядан

эгемен болбой туруп жетишүү кыйын. «Шотландия премьер-министри Никола Старжен жекшемби күнү төмөндөгүлөрдү билдирди: Шотландия 2014-жылы курамында калууну жактап добуш берген Бириккен Королдук эми жок». Старжен «Британиялыктар Европа Союзунан чыгууну жактап жобуш беришкенден кийин жаңы референдум өткөрүү «ыхтымалы өтө күчтүү» болуп калганын» көрсөтүп өттү. (Мидл Ист Онлайн, 2016-жыл, 26-июнь). Британиянын дагы да алсыз «тарабы» Түндүк Ирландия жөнүндө айта турган болсок, «Ирландия республикасынын армиясынын саясий жүзү эсептелген Шинн Фейн партиясы жума күнү эртең менен Бириккен Ирландия туурасында референдум өткөрүүгө чакырды. Бул чакырык британиялыктар – акыркы натыйжаларга ылайык – Европа Союзунан чыгууну жактап добуш бергенден кийин пайда болду. Республика партиясы Европа Союзу туурасында өткөрүлгөн референдум «Британия мамлекетинин табиятына кооптуу акыбеттери бар экенин» баса белгиледи». (Франс 24, 2016-жыл, 25-июнь)... Ошенип, Европа Союзунан чыгуу туурасында Британияда өткөрүлгөн референдум Түндүк Ирландиядагы о.э. Шотландиядагы саясатчылардын Британиянын ыдырашы жөнүндө дагы сөз кылууларына алып келди.

Ушуга ылайык, бул референдум натыйжалары Британиянын ыдырашы менен коркунуч сала турган басымдарды пайда кылды. Мындан тышкары оор экономикалык зыяндар да бар. Булардын баары референдум «шамалы» Британия каалоосуна тескери түрдө «сокконун» жана Британия өзүнүн айла-амалына өзү түшкөнүн, өзүнүн амалдуулугунун курманы болгонун баса белгилеп турат. Добуш берилгенден кийинки күндөр Британиянын жаңы саясий тарыхында болуп көрбөгөн саясий тынчсыздануу жүзөгө келгенин көрсөтүп турат. Ага кошумча өкмөт жана оппозицияны ээлеп алган катуу тынчсыздануу абалы да бар. Ушул даражада дейсиң, а түгүл «Нью-Йорк Таймс» гезити 2016-жылы 27-июнда «өзүнүн саясий жана мыйзамдуу эгемендүүлүгү менен белгилүү мамлекет хаоско карай бара жатат» деген

макаланы басып чыгып, Британиянын референдумдан кийин башынан өткөрүп жаткан кыйынчылыктарын түшүндүрдү!

3 – Ошондуктан, Британия чынында эле Союздан чыга турган болсо, Британия чыгуу аракетин жан үрөп артка сүрүшү күтүлөт. Бул аракет жылдарга созулушу да мүмкүн. Анткени, Британия ыплас аракеттерди жана алдоону мыкты өздөштүргөн. Бул нерсе билдирүүлөрдөн жана маалымат каражаттарынын түшүндүрмөлөрүнөн анык көрүнүп турат... Булардын баары референдум натыйжасын ишке ашырууда бул артка созуу ыктымалы күчтүү экенин көрсөтүп турат. Балким, референдум туурасында да айла-амалдар кылынышы мүмкүн. Бул артка созуу жаан айла-амал аракеттеринин ыхтымалы күчтүүлүгүн ушул нерселер көрсөтүп турат:

а) 2007-жылы коло коюлган Лиссабон келишиминдеги 50-берене. Бул берене айла-амал кылууга жана артка созууга жол ачып берет. Британия болсо өзүнүн саясий ыпластыгы жана куулугу аркылуу мындай айла-амалдарды мыкты өздөштүргөн. Ушул беренеде көрсөтүлгөндөй, чыгуу иштерин баштоо үчүн Британия Союз курамынан чынуу ниетин мүчө мамлекеттер башчыларынан жана мүчө мамлекеттердин өкмөттөрүнүн башчыларынан түзүлгөн Европа кеңешине маалымдашы керек, мына ошондон кийин эң көп дегенде эки жыл аралыгында «чыгуу келишими» туурасында сүйлөшүү алып барышы керек. Ошондуктан Кэмерон Британия парламенти алдында мындай деди: «Өкмөт Союздан чыгуу сүйлөшүүлөрүн учурдагы баскычта баштай албайт. Мамлекет оболу Европа Союзу менен биз каалап жаткан алаканын көрүнүшүн белгилеп алышы зарыл. Муну Лиссабон келишиминдеги элүүнчү беренени колдонуудан мурун белгилеп алышы зарыл». (Бина, 2016-жыл, 27-июнь). Кэмерон общиналар палатасында сүйлөгөн сөзүндө Союздан чыгуу чараларын качан баштоону Британия гана чечишин баса белгилеп ушуларды айтты: «Британия өкмөтү азыр мамлекеттердин Союздан чыгуу жөнүндөгү Европа келишиминин 50-беренесин күчкө киргизе албайт». (Ал-Жазира нет, 2016-жыл, 27-июнь).

Демек, Британия чыгуу жөнүндө талапты тапшыруу мөөнөтү сүйлөшүүлөрдү баштаганга чейин созулушу мүмкүн! Бул гана эмес, Кэмерон өзүнүн отставкасын тезинен эмес, үч айдан кийинкиге белгиледи. Мына ошондон кийин жаңы өкмөт түзүлөт жана бул өкмөт эгер кааласа талапты тапшырат. Т.а. сүйлөшүүлөрдү алып баруу 2016-жылы сентябрда Кэмерондун ордуна келе турган жаңы премьер-министрге тапшырылат. Мында консерваторлор партиясы партиянын жаңы лидерин шайлоо үчүн жыйын өткөрөт. Кэмерон бул ишти референдум натыйжалары жарыя кылынгандан кийин сүйлөгөн сөзүндө ачык айтты. Ал октябрда кызматынан отставкага чыгып, ишин анын ордуна келе турган премьер-министрге тапшырышын жана 50-беренени качан ишке ашыруу керектигин ушул жаңы премьер-министр чечишин айтты (http://elaph.com/Web/News/2016/6/1096000). Британия каржы министри Жорж Осборн: «Британиянын Европа Союзунан чыгышы жөнүндөгү сүйлөшүүлөр жаңы өкмөт түзүлүшүнөн мурун алып барылбашын», - баса белгиледи. (Ал-Жазира Нет, 2016-жыл, 27-июнь). Мыйзамтаануучу баяндоочулардын бири ушуларды айтты: «50-берене жөнүндө эскертүү канчалык кечиксе, аны таптакыр күчкө киргизбөө мүмкүнчүлүгү ошончолук көбөйөт. Себеби, кечиктирүү канчалык созулса, кандайдыр бир окуялардын аралашып калышы же кандайдыр бир шылтоолорду ойлоп табуу ыхтымалы ошончолук күчөйт». («Эмнеге 50-берене жөнүндө эскертүү маанилүү», Дэвид Аллен Грин, 2016-жыл, 25-июнь). Ушуга негизделип эки европалык дипломат Британия Европа Союзунан чыгуу механизмин – британиялыктар бейшемби күнү өткөрүлгөн референдумда бул чыгууну жактап добуш беришкенине карабастан – бүтүндөй ишке ашырбашы мүмкүн деген пикирди билдиришди. Атын атабоону талап кылган дипломат ушуларды айтты: «Менин жеке пикиримде, алар Европа Союзуна союздан чыгуу ниетинде экенин эч качан жеткиришпейт». Дипломат ушуларды кошумчалады: «Биз Лондондон 50-беренени азыр ишке ашырышын каалайбыз, себеби, мына ошондо иштер айкындашат. Биз аларды буга мажбур кыла албаганыбыз

улам, алар өз убактыларын өздөрү алышын божомолдойм». Дипломат дагы мындай деди: «Алар муну эч качан кылбашын ыхтымалдан алыс деп эсептебеймин, бул менин жеке пикирим». (Arabi 21, 2016-жыл, 27-июнь).

б) Ал тургай, референдум темасы туурасында да башты айланткан айла-амалдар жасалышы мүмкүн. Мисалы, референдумду кайра өткөрүү үчүн же анын шарттары туурасында сүйлөшүү жүргүзүү үчүн кандайдыр бир мыйзамдуу жылчыктар табылышы мүмкүн. А түгүл, референдумду кайра өткөрүүгө аракет кылуу өзүн мыкты демократия деп, элдин пикирине каршы чыкпаган мамдекет деп эсептеп келген мамлекетти ыңгайсыз абалга салып койсо да, бирок, Британиянын саясий айлакердиги жана ыпластыгы бирээр жылчык табышы мүмкүн:

а) Референдумду кайрадан өткөрүүнү каалап жаткандардын колун чогултуу жөнүндө тапшырылган электрондук арыз. «Британия парламентинин сайтында бир арыз бар, анда Бириккен Королдуктун Европа Союзунан чыгуу туурасындагы референдумду кайрадан өткөрүүнү талап кылынган. Бул арыз 2016-жылы 28-июнга чейин 3,8 миллион колду топтоду, кол койгондор референдумду кайра өткөрүүнү талап кылышууда. Уильям Оливер Хейли баштаган арызда «Ушул кол койгондор королева өкмөтүнөн, эгер шайлоочулардын 75 %дан азыраагы катышкандыктан чыгуу же калуу туурасында добуш берүү 60 %дан азыраак болсо, башка референдум өткөрүлүшү керек деген эрежени колдонууну талап кылышат» деп жазылган». (Британиянын «телеграф» гезити, 2016-жыл, 27-июнь).

б) Референдум кайра өткөрүлө турган болсо, бул нерсе Британия сайрап келген демократияга зыян жеткиришин эсепке алып кээ бир англис мыйзамтаануучу эксперттер башка чыгуу жолдорун эстете башташты. Алар парламент (общиналар палатасы жана лорддор палатасы) премьер-министри Европа Союзуна эскертүү берүүдөн тыйып коюшу мүмкүндүгүн айтышууда. Мисалы, лорд мыйзамчылык боюнча белгилүү адис Дэвид Панник мындай дейт: «Парламент тарабынан мыйзам чыгарылбай туруп премьер-министр

Европа Союзуна мыйзамдуу түрдө эскертүү бере албайт». (http://www.bbc.com/news/uk-politics-uk-leaves-the-eu-36671629).

в) Британиянын Европа Союзунун курамында калышына кызыкдар тышкы фактор бар. Союзду алсыратуу жана анын ичинде кескиндикти сактап калуу үчүн Британияны анын курамында калтырууга кызыкдар тарап бар. Бул тышкы фактор – Америка. «Обама апрель айында Лондонго келип британиялыктарды Европа Союзунун курамында калууну жактап добуш берүүгө чакырган». (Ал-Жазира, 2016-жыл, 24-июнь). Америка Британия Союздун курамында калышын каалайт. Себеби, ошондо Союз чабал бойдон кала берет. Анткени, Британия Союздун пайдасына да, Европа биримдигинин пайдасына да иш кылбайт, тескерисинче, буга тоскоолдук кылат жана көптөгөн токтомдорго каршы тынчсызданууну жаратат. Британия өзүнүн гана кызыкчылыктарын ойлойт. Америка муну жакшы билет. Демек, Британия – жемирүүчү «кетмен». Булардын баары Америка кызыкчылыгынын «тегирменине» суу куят. Себеби, Америка Европаны бириккен, күчтүү абалда, эл аралык майданда экономикалык же саясий жактан ага атаандаша ала турган абалда көрүүнү каалабайт. Ошондуктан, эгер Британиянын чыгышы натыйжасында Союз ыдырап кетсе, бул да Америка кызыкчылыгына кызмат кылат... Ошондуктан, чыгуу жөнүндөгү натыйжа белгилүү болору менен эле Обама мамлекеттик катчысы Жон Керрини Европага – Европа Союзу менен Британия ортосунда ортомчулук кылышы үчүн жана Европанын Британияга каршы жооп реакциясын жумшартуу үчүн – жиберди. Керри 2016-жылы 27-июнда Брюсселге келип: «Эч ким туура пикирлөөнү жоготуп, пикирлебей аракет кылбашы үчүн бул өткөөл баскычка этибарын берүүнү сактап калуубуз негизги нерсе», - деди. Керри Кэмерон менен Лондондо жолугушкандан кийин ушуларды айтты: «Британиянын Европа Союзунан чыгышы эч качан ишке ашпашы да мүмкүн. Лондон буга шашылбай жатат. Кэмерон мамлекеттин чыгышы тууралында сүйлөшүү алып бара албашын сезип жатат. Себеби, ал муну таптакыр

каалабайт... Кэмерон Лиссабон келишиминин 50-беренесин колдонууну каалабайт. Белгилүү болгондой, бул берене эки жылга созулган чыгуу механизмин жолго коёт». Керри: «Лондон эки жылдан кийин өзүн – жаңы кызматташтык келишимине кол коюлбай туруп – Европадан сыртта көрүүнү каалабайт», - деди. Чыгуу чечиминен «кайтуу» мүмкүнчүлүгү барбы жана бул кандай ишке ашат? – деген суроого Керри минтип жооп берди: «Мен бул жерде бир нече жолдор бар деп билемин». (Франс 24, 2016-жыл, 29-июнь).

Ушул тышкы фактор Британия менен Европа Союзу ортосунда жаңыдан алака орнотуу үчүн союзга кирүү жылчыгын табууда салым кошушу мүмкүн. Себеби, мында Америка үчүн – айтып өткөнүбүздөй – пайда бар.

4 – Европа Британиянын оюндарын түшүнө баштаганы көрүнүп турат. Себеби, Британия өзүнүн кызыкчылыктарын Норвегия жана Швеция модели негизинде коргоо үчүн бейрасмий келишим түзүүнү каалап жатат. Британия буга Союздан чыгуу иш-чараларын баштоо үчүн Лиссабон келишиминин 50-беренеси боюнча иш жүргүзүүгө өтүүдөн мурун жетишмекчи. Бирок, Норвегия жана Швецияга тескери катары Британия Европа базарына кирип барууну каалап жатат жана британиялык шайлоочулар арасында башкы маселе болгон адамдардын эркин көчүп жүрүшүнө каршы чыгууда. Меркель муну катъий түрдө ыхтымалдан алыс санады. Кала берсе адамдардын эркин көчүп жүрүшү Европа Союзу ыйык эсептеген эркиндиктердин бири болуп эсептелет. Аны менен бирге товарлар, кызматтар жана инвестиция айырбаштоо эркиндиги да бар. Европа Союзу Британиянын айлакердигин жакшы түшүнүп турат. Ошондуктан Союз бул максатты четке кагып гана калбастан, 27 мүчө мамлекетке Британия менен ар кандай жашыруун сүйлөшүүлөрдү өткөрүүгө да тыюу салды. Мисалы, Еврокомиссия башчысы Жан-Клод Юнкер: «Өтө ачык-айкын болушума уруксат берсеңиздер, Британия өкмөтү менен жашыруун аракеттер болушу мүмкүн эмес», - деди. Ал бул ишти комиссиянын бардык кызматкерлерине ачык-айкын баяндап мындай деди: «Жашыруун сүйлөшүүлөр өткөрүлүшүнө

жол берилбейт... Жашыруун сүйлөшүүлөр өткөрүлүшүнө жол берилбейт». (Evening standard, 2016-жыл, 28-июнь).

Европа парламенти 2016-жылы 28-июнда жыйын өткөрдү, бул жыйын эки күнгө созулду. Парламенттин биринчи талабы – Британия Европа Союзунан чыгуу механизмин Лиссабон келишими боюнча тезине ишке түшүрүшүн талап кылды. Себеби – делет талапта – ошондо жаман болушу мүмкүн болгон ар кандай шек-күмөндүн алды алынат жана Союз биримдиги корголот. Еврокомиссия башчысы Жан-Клод Юнкер Европарламент алдында ушуларды айтты: «Көпкө көз жумуп кала албайбыз, мен Бириккен Королдук өз позициясын эртең эмес, бүрсүгүнү эмес, азыр анык баян кылышын каалаймын». Жан-Клод Британиянын Европа Союзунан чыгышынын шарттары туурасында жашыруун сүйлөшүүлөр болушун же Лондон үчүн бир мөөнөт белгиленишин ыхтымалдан алыс деп мындай деди: «Күн тартибин Европа Союзунан чыкмакчы болгондор эмес, биз белгилейбиз». (АФП, Ал-Жазира, 2016-жыл, 28-июнь). Кэмерон Европа Союзунун биринчи жыйынына катышуу үчүн Брюсселге келди. Ошондон кийин ал Брюсселден кеткен соң мындай деди: «Мен чынында эле соода тармагында жана коопсуздук иштери боюнча кызматташууда бекем алакаларды орнотуубузга үмүт кыламын, себеби, бул, баарыбызга жакшы болот». (ДПА, 2016-жыл, 28-июнь). Т.а. ал Европа Союзун каалабайт, ал Британия үчүн зарыл болгон нерсени т.а. экономикалык жана коопсуздук тармагында кызматташууну тандап алууда. Немис канцлери Меркель Лондонго мындай кайрылуу жолдоду: «Британия чыгуу жөнүндөгү референдумдан кийин өз укуктарын сактап калууну тандап алып, ошол эле учурда, бардык милдеттеринен баш тартышы мүмкүн эмес». (ДПА, 2016-жыл, 28-июнь)... Т.а. европалыктар өз иштерин Британия менен толук чечип алышты, эми алар Британиянын чыгуусу жана чыгып кетүүнү артка созуусу акыбетинде зыян көрбөй туруп Британиянын тездик менен чыгып кетишин каалап жатат.

Саммит аягында Еврокеңештин төрагасы Дональд Туск мындай деп билдирди: «Европалык лидерлер шаршемби күнү Бириккен Королдукка– ал Союздан чыккандан кийин – бириккен ортоктош Европа базарына өздөрүнө жаккандай т.а. адамдардын эркин көчүп жүрүшүн кабыл албастан кирүү тууралсында сүйлөшүү алып барышы мүмкүн эместигин анык айтышты... Бул өлчөөдөгү бириккен базар болушу таптакыр мүмкүн эмес». Туск ушуларды кошумчалады: «Британиянын Союздан чыгуу жөнүндөгү токтомунан кийин Брюсселде өткөрүлгөн биринчи талкуулар натыйжаларга жетишүүгө салым кошподу. Ошондуктан, биз 27 мамлекеттин кеңеш жыйынын өткөрүүгө чечим кылдык. Биз талкууларыбызды улантуу үчүн 16-сентбярда Братиславада (Словакия борбору) жолугушабыз». Ал ушуларды да айтты: «Катышуучулар ортоктош тарыхыбыздагы олуттуу учурду башыбыздан өткөрүп жатканыбызды бир добуштан баса белгилешти... Биздин диалогубуздан ушул анык маселе келип чыкты: лидерлер биримдикти сактап калууга бир добуштан катъий убада беришти». (АФП, 2016-жыл, 29-июнь).

Бул дегени Европа Союзу референдум натыйжасында – Британияга болгон коркунуч даражасында болбосо да – терс таасир көргөн жок дегени эмес. Бул Европа Союзуна да таасири кылды. Себеби, бул референдум Европа мамлекеттери үчүн референдумдарды талап кылуу – мисалы, көптөгөн оңчул күчтөр өз өкмөттөрүнө ушуга окшогон референдум өткөрүү талабын коюу – эшигин ачты... Алардын катарында Европа Союзунун алгачкы ядросу Францияда ушундай болду. Ушул учурда Еврокомиссия бир нече Европа мамлекеттеринде, алардын катарында Францияда да ушуга окшогон референдумдарды өткөрүү тууралсында Европа партиялары тарабынан тапшырылган 32 талапты тизмеге алды. Бул болсо бүткүл Европа Союзунун сакталып калышына коркунуч туудурат... Ошондуктан, Союзга негиз салган мамлекеттер, айрыкча, чоң таасирге ээ эки ири мамлекет: Франция жана Германия аракетке келди жана Союзду сактап калууга катъий бел байлаганын жарыялады. Бул эки мамлекеттин катарында Италия,

Голландия, Бельгия жана Люксембург негиз салган мамлекеттер катары чукул жыйын өткөрүү үчүн аракетке келди... Франция президенти Олланд жыйындан кийин: «Британиянын Союздан чыгышы Европага коркунуч туудурат», - деди. Олланд «Бул оор тандоого өкүнүп» жатканын билдирип мындай деди: «Британиялыктардын Союздан чыгууну жактап добуш беришкени Европаны кооптуу сыноого дуушар кылып коёт. Себеби, Европа мурункудай болбой калат... Европа өзүнүн биримдигин жана кубатын көрсөтүшү керек...». (АФП, 2016-жыл, 24-июнь)... Экинчи негиздөөчү мүчө Германия да ушундай аракет кылды. Немис канцлери Меркель бул позицияны мындай деп билдирди: «Британиянын чыгуусу – Европага жана Европа биримдигинин механизмине багытталган кыйраткыч сокку». Меркель француз президенти Олландды, Италия премьер-министри Ренци жана Еврокеңеш төрагасы Тускту 2016-жылы 27-июнда Берлинде жыйын өткөрүүгө чакырып мындай деди: «Жоопкерчилик биздин мойнубузга, Европа Союзунун 27 мүчөсүнүн мойнуна түшүп жатат. Биз бул референдумдан тез жана жөнөкөй тыянактарды алууну каалашыбызды, буга кудуреттүү экенибизди каалашыбыз керек. Тыянак – бул референдум Европанын чоңураак түрдө бөлүнүшүнө алып келет... Бүгүн ал Европа үчүн, Европа Союзу үчүн жана Европадагы кызматташтык уюму үчүн бурулуш чекити. Союздун мамлекеттери бул абалды – биргеликте туура чечимдерди кабыл алуубуздан мурун – оор басырык жана сергектик менен талдап баа бериши керек». (АФП, 2016-жыл, 24-июнь). Ал эми, Германия тышкы иштер министри Штайнмайер референдум натыйжасы жарыялангандан кийин Германиянын ZDF каналына интервью берип: «Британия өкмөтү Европа тагдыры менен ойношуп зыян көрдү», - деди. Демек, немистер англистердин ыпластыгын жана бул ыпластыктын жаман натыйжаларын түшүнүп калышты. Себеби, немис тышкы иштер министри Британиянын чыныгы жүзүн ачып, ал Европа Союзунун тагдыры менен ойношконун, бул Союздун күчтүү, аман калышын каалабашын ачык айтты. Себеби, Штайнмайер

Британиянын айлакерлигин көбүрөөк түшүнгөн немис саясатчыларынын бири. Ошондуктан, ал Британиянын Союзда калышын каалабайт. Себеби, ал Британиянын чыныгы жүзүн, ал жемирүүчү «кетмен» экенин жакшы билет.

Германия, Франция жана Италия лидерлери 2016-жылы 27-июнда Берлинде топтолуп, Европа Союзун бекем сактап калууга катъий убада беришкенин баса белгилешти. Алар Британия жана анын Европа Союзунан чыгуу баскычынан кийинки доор туурасында – Лондон чыгуу жөнүндө расмий талапты тапшырмайынча – ар кандай сүйлөшүү алып барууга каршы чыгышты. Алар ушул аркылуу Британияга басым өткөрүшмөкчү, бул маселе чечилбей калып кетпеши үчүн Британияны талапты тапшырууга мажбур кылышмакчы. Себеби, бул маселенин чечилбей калып кетиши Союзга зыян жеткирет. Ошондуктан, Меркель ушуларды айтты: «Биз Британиянын Европа Союзунан чыгышы туурасында – Европа Союзунан чыгуу талабы Европа кеңештин деңгээлинде тапшырылмайынча – расмий же бейрасмий сүйлөшүүлөр болбошу жөнүндө бир пикирдебиз». (ДПА, 2016-жыл, 27-июнь).

Алар Британия оюндарын жана манёврларын жакшы түшүнүшөт. Ошондуктан, алардын проблемасы – Союзду сактап калууга жана Британиянын манёврларын жоюуга кудуреттүү болушу. Анткени, Британия аларга караганда саясий оюндарга кудуреттүүрөөк... Кандай болбосун, европалыктар Британиядан тезирээк кутулуп, Союзду бекемдөө үчүн жаңы чараларды көрүүгө жетише алышса, бул нерсе алар үчүн жакшыраак болот. Бирок, эгер Британия Европа Союзу менен бирээр алаканы тургуза албаса, сырттан туруп Союзга зыян жеткирүүгө аракет кылышы мүмкүн. Бирок, Британия жаман белгилери көрүнүп калган караңгы экономикалык кырдаал себептүү тагдыр чечүүчү абалда туш келе баштады. Анын ички абалына да зыян жете баштады. Себеби, Шотландия Британия союзунан чыгуу үчүн жаңы референдум өткөрүлүшүн талап кылды. Ирландия да Британия союзунан чыгып Түштүк Ирландияга кошулуу талабы менен чыкты. Эгер,

мындай талап ишке ашса, Британиянын күнү бүтөт. Себеби, анын курамында Англия менен Уэльс гана калат. Ошентип, референдум өткөрүү Британия үчүн уттуруу болду. Анын айла-амалы анын өзүн терeңдикке карай тартып кетүүдө. Мындай абал байкалды жана жогоруда келген маалыматтарга ылайык келечекте да көрүнөт. Ошондуктан, эгер Европа Союзу Британия оюндарынан аң-сезимдүү түрдө сак болууну улантса Британия жөнүндө «Ал өзүнүн эски колонияларынын бири Гонконг аралындай болуп калат, бирок, Кытайдын түштүк жээгинде эмес, Европанын батыш жээгинде болот!» деп айткан кишинин сөзү туура болуп чыгат.

5 – Бир сөз менен айтканда Британия чоң тынчсыздануу абалына жана өзү пландабаган абалга түшүп калды. Ошон үчүн чечим кабыл алуу оор болот. Себеби, референдум натыйжасынан баш тартып, артка кайтайын десе мыйзамдуу тоскоолдуктар бар, бул, өзү айтып келген демократияны акаараттоо болуп калат. Союздан чыгуу аракетин аягына жеткирсе өзүнүн кызыкчылыктарына зыян жетет. Себеби, Британияны өзгөчөлөнтүү кылымы эбак өтүп кеткен. Ошондуктан Еврокомиссия башчысы Жан-Клод Юнкер мындай деди: «Бириккен Европа базарынын бир бөлүгү болууну каалаган адам бул базардын катаал эрежелерине баш ийиши керек, мындан эч ким сыртта калбайт». (Би-Би-Си, 2016-жыл, 29-июнь). Булардын тушунда Британия артка сүрүү жолуна өтүшү жана чыгуу талабын тапшырууну четке кагышы табигый. Британия өз кызыкчылыктарынын мүмкүн болушунча көбүрөгүн сактап калууга урунат.

Ал эми, эгер Британия Союздан анык чыгууга мажбур болуп жатканын жана Союз менен эч кандай саясий же экономикалык алака орното албаганын көрсө, кийин экономикалык курчоого жана саясий кыйроого карай бара жатканын көрсө, анда Британия өзүнүн ыплас каражаттары аркылуу Европа Союзун ыдыратууга аракет кылышынын ыхтымалы күчтүрөөк. Британия менен салттуу «достук» алакалары бар айрым Европа мамлекеттери анын тарабына өтүшү мүмкүн. Ошондуктан 2016-жылы 28-июнда Брюсселде

Европарламентте жаакташуу учурунда Британия Эгемендүүлүгү партиясынын лидери Найжел Фараж: «Британия Союздан чыгып жаткандардын акыркысы болбойт», - деди. Найжел Фараж муну менен Британия чыгып жатканда башкаларды да ээрчитишине ишара кылды... Британия Союзду ыдыратууда Америкадан да жардам алышы мүмкүн. Себеби, бул жаатта Британиянын кызыкчылыктары АКШнын кызыкчылыктарына бүтүндөй туура келет.

Ошентип, «BREXIT» референдуму Британия планына бүтүндөй тескери натыйжаларды алып келди жана караңгы чөйрөнү, бардык ыхтымалдарга жол ачуу чөйрөсүн алып келди деп айтууга болот. Британия референдум астында биригип, өз демократиясын сайрашы мүмкүн. Бирок, мында жөнөкөй эмес чоң кооп-коркунуч бар. Бул кооп-коркунуч күчөп Европадан мурун Британияны жемире турган «кетменге» айланышы мүмкүн. Азиз, Хаким Аллах хак айтат: ***«Жаман айла-амал болсо жалаң өз ээлерин оройт-жок кылат»*** [35:43]

**30-рамазан, 1437-х.**

**5-июль, 2016-м.**

## Брексит долбоору боюнча Британиядагы референдумдун акыйкаты

**Суроо:**

*Британия парламенти 2019-жылы 16-январда Тереза Мэйдин өкмөтүнө ишеним көргөзүп добуш бериши. Анын өкмөтү кулап калган жок. «Британия өкмөт башы Тереза Мэй жалпы палатада оппозициялык лейбористер анын өкмөтүнө ишеним көргөзбөө сунушун бергенден кийин 306 добушка каршы 325 көпчүлүктүн добушуна ээ болуп, анын өкмөтү ишенимге ээ болду. Добуштун жыйынтыгы көргөзүп тургандай, консервативдик «Эскичил» партиянын жүзгө жакын мүчөөсү экинчи күнкү добуш берүүдө брексит келишимине каршы добуш беришкен. Үчүнчү күнү болсо Мэйдин өкмөтүнө ишеним көргөзбөө сунушуна каршы добуш бериши». («Франц*

*пресс», 2019.01.16.). Муну кандай түшүнсө болот? Мэйдин партиясындагылардын жүзгө жакыны брексит долбооруна каршы добуш беришип оппозицияны колдоого алышты. Анын натыйжасында Мэйдин долбоору 432 көпчүлүк добушка каршы 202 азчылык добушка ээ болуп ийгиликсиздикке учурады. Кийин Мэйдин партиясындагы ушул эле жүзгө жакын мүчөлөрү Мэйдин каршылаштарына каршы добуш беришип Мэйдин өкмөтүн колдоого алышты. Бул ролду бөлүштүрүп бергендей эле түр жаратты. Кийин 2016 брексит долбооруна маакулдук берип, аны ишке ашырууга эки ай калганда аны кайра четке каккандыктары кандай?! Аллах ыраазы болсун.*

**Жооп:**

Британия – өз максатына жетүүдө жана создуктурууда ыплас айлакерликтин чебери. Жооп түшүнүктүү болушу үчүн төмөнкү иштерге назар салып чыгабыз:

Биринчиден:

2016-жылы 23-июнда Британиядагы референдумдан кийинки 2016-жылы 5-июлда чыккан суроо-Жоопдо берилген Жоопго назарды бурабыз. Башкача айтканда, мындан эки жарым жыл мурда чыккан Жоопдо Британияда 2019-жылы 15-январда болгон референдумдан эмнелер күтүлүшүнө ишааралларды айтып өткөн элек:

1. 2016-жылы 23-июнда Британияда ЕБде калуу же андан чыгуу тууралуу референдум болуп өттү. Анын жыйынтыгында шайлоочулардын 52%га жакыны чыгууга добуш беришти. Анын артынан эле Британия өкмөт башы Кэмерон кызматтан кетерин жарыялады жана анын өкмөтү үч ай мөөнөтүндө калды. Кэмерон 2015-жылкы шайлоо кампаниясы учурунда, эгер ал шайлоодо ийгиликке жете турган болсо, бул референдумду өткөрүүнү убадалаган. Бул референдумду өткөрүү аркылуу Британия адаты боюнча ЕБдин ичинде өзгөчө макамга ээ болууну көздөгөн. Ошону менен бирге эле Британия ЕБден чыгуу үчүн референдум токтомун кабыл алуусу менен ЕБди

жана андагы мүчө өлкөлөрдү саясий, экономикалык баш аламандык болуусу мүмкүндүгү коркууга салды!

2. Британия ЕБде өз кызыкчылыгына жетүү үчүн ЕБден чыгуу референдумун өткөрүү аркылуу коркууга салуу саясаты жаңы пайда боло калган саясат эмес. Ал тээ Британия Евро уюмуна кошулгандан бери эле келе жаткан саясат. Британия Европа экономикалык биримдигине 1973-жылдан бери мүчө. Британия ЕБде өзүнүн фунт стерлинг акча бирдигин сактап калды жана «шенген» аймагынан өзүн тышкары кармады. Бул эки нерсе Британия ЕБге мүчө болгонуна карабастан, ага өзгөчө макам алкагында калышына шарт жаратты. Британия ЕБ ичинде өзгөчөлүктөргө ээ болуп жашап кетүү алкагында ЕБдеги өлкөлөрдү шантаж кылуу максатында референдум пикирин пайдаланып келди. 1975-жылы Британия ЕБ ичинде болуу шарттарын жакшыртуу үчүн референдум өткөрдү. Анда британиялыктардын көпчүлүгү Европа экономикалык биримдигинде калууга добуш беришкен... Мына ушундайча азыркы учурдагыдай эле Британия өзүнүн саясий кызыкчылыгына жетүү үчүн, ал тургай, кара ниет кызыкчылыктарына да жетүү үчүн референду саясатын ишке салып келди! Консервативдик партия 2016-жылкы референдумда таң каларлык иштерди кылды, партия адамдары ЕБде калуу же андан чыгып кетүү тууралуу эки башка кампания алып барышты!

3. Кэмерон жетектеген консервативдик партиянын референдум боюнча саясатына кылдат назар салынса, Кэмерон референдумдун жыйынтыгын чеке жылытарлык болот деп күтпөгөнүнө далалат кылат. Башкача айтканда, кайра кайтып калуу мүмкүндүгү үчүн кабыл алуу же албоо ортосунда туруу, же референдум чеке жылытаарлык жыйынтык бербесе ЕБ менен жаңыдан сүйлөшүү үчүн оорун калтыруу ортосунда турду. Ошондуктан, консервативдик партия өзү ЕБде калуу же андан чыгуу кампанияларын өзү жетектеп алып барды. Референдум маселеси аркылуу ЕБ тараптан Британияга карата кошумча мүмкүнчүлүктөрдүн берилишине шарт

жаратыш аракетине караганда, бул эки кампания да анчалык аракет болгон жок. Ошондуктан, Британиянын жакынкы аралыкта ЕБден чыгып кетүү ишин тез арада ишке ашырышы күтүлбөйт. Тескерисинче, узак жылдарга созушу күтүлөт. Эгер, Британия чыга турган болсо, ал ыплас айлакерликтин чебери... Бул нерсе билдирүүлөрдө жана маалымат булактарындагы маалымттарда ачык эле көрүнүп турат... Ушунун баары референдумдун жыйынтыгын ишке ашыруунун создуктурулушуна ишаара кылат. Жада калса, 2016-жылдын 5-июлундагы референдумдун айланасында да айлакерлик иштетет». (цитата бүттү).

Экинчиден:

Азыркы болуп жаткан окуялар жогоруда айтып өткөнүбүздөй «референдум айланысында оюн» негизде бара жатат. Британия кара ниеттик менен болсо да өз кызыкчылыгына жетүү максатында референдум жыйытыгын ишке ашырууну создуктуру аракетинде. Ал төмөнкү иштерде көрүнөт:

1. Мэй жалпы палатадан колдоо таппай ийгиликсиздике учурады. «Британия парламентинде өлкө таарыхындагы биринчи жолу көпчүлүк добуш менен ЕБден чыгуу келишимин четке каккан добуш берүү болду. Анда 432 депутат чыгууну четке каккан, 202 макул деген бобуш беришти. («Би-би-си», 2019.01.16.). Тактап айтканда бул добуш берүү, Британия келерки март айында 29 өлкө мүчө ЕБден чыгуу келишимин ишке ашырууну четке каккандыкты билирет. Чыгуу тууралуу адаттагы консервативдик талкуу дагы орун алган жок. Тескеирсинче, 118 консервативдик партиянын өкүлдөрү оппозицияга кошулуп келишимге каршы добуш беришти. «Бул Британия парламенти алдында Британия өкмөтү 1924-жылдан бери биринчи жолку чоң колдоо таппай калгандык жана азыркы учурдагы Британия өкмөтүнө карата Британия парламентинин эң жаман соккусу болду. («CNN arab», 2019.01.15.).

2. Британия лейбористтик «Эмгек» партиясынын лидери Корбин Британиянын ЕБден чыгуу келишими Британия парламенти тарабынан кабыл алынбай калгандан кийин Терезе Мэйдин өкмөтүнө ишеним жаратпоо сунушун талкууга салгандыгын билдирди... Корбин мындай деди: «Бул өкмөт палатада ишеним тапкан жок. Сизге билдирип коёюн, урматуу жалпы палатанын спикери, мен өкмөткө ишеним көргөзбөө маселесин талкуулоо жөнүндө сунуш киргиздим. Анын эртең талкууланышы мени сүйүндүрдү». («RT Arab», 2019.01.15.). Бирок, добуш берүүнүн жыйынтыгы Мэйдин пайдасына чечилди. Анткени, консервативдик партиянын «118» өкүлү оппозицияга каршы Мэйдин өкмөтүн колдоого алып, өздөрүнүн партиясынын пайдасына добуш беришти. «Британия өкмөт башы Тереза Мэй жалпы палатада Брексит келишими боюнча колдоо таппай ийгиликсиздике учурап, 2019-жылы 16-январда жалпы палатада оппозициялык лейбористер тарабынан анын өкмөтүнө ишеним көргөзбөө сунушун бергенден кийин 306 добуш каршысына 325 көпчүлүк добушуна ээ болуп, анын өкмөтү ишенимге ээ болду. Бул нерсе жалпы жаңы шайлоо өткөрүүнүн алдын алды. 26-жылдан бери биринчи жолу өкүлдөр палатасында өкмөт ишеним таап жаткандыгы. Ошондой эле оппозиция лидерлери үчүнчү күндөн баштап Brexit боюнча сүйлөшүүлөрдү тез арада баштоого чакырды. Добуш берүүнүн жыйынтыгында жүзгө жакын консервативдик партиянын өкүлдөрү Brexit келишимине каршы добуш беришкен. Кайра үчүнчү күнү оппозиция көтөрүп жаткан өкмөткө ишеним көргөзбөөгө каршы добуш беришти». («Франц пресс», 2019.01.16.). Муну менен Мэйге 2019-жылдын 21-январына чейин «жаңы планды» сунуштоо мүмкүнчүлүгү жаралды. Ошондой эле Мэйде көптөгөн ыктыярдуу иштер мүмкүнчүлүгү да пайда болду. Мисалы, Брюссель менен кайра сүйлөшүүлөрдү баштоону убада кылуу. Же ушул жылдын 29-мартына белгиленген Brexit мөөнөтүн узартуу талабын коюу. Же келишими жок эле чыгып кетүү! Еврокомисиянын төрагасы мындай деди:

«Британия өз максатын тез арада билдирүүсүнө чакырабыз. Негизи көп деле убакыт калган жок». («Анба» сайты, 2019.01.17.).

3. Мына ушундайча Британияда 2019-жылы 16-январда Мэйдин өкмөтүнө ишеним көргөзбөө ордуна референдум оюну айдан-ачык ишке салынды. Анткени, Мэйдин Brexit боюнча долбоору 2019-жылы 15-январда өтпөй калган. Анын ордуна Мэй өз өкмөтүнө колдоо тапты. Мэйдин долбоору өтпөй калышы жана анын өкмөтү колдоо табышы – экөө бири-бирине карама-каршы келген иштер! Бирок, себебдерине назар салынса өтө таӊ каларлык окуяга күбө болобуз – Мэйдин 118 партиялаштары Мэйдин долбооруна каршы добуш беришип оппозициянын тараза ташын оорлоштурушту. Анын натыйжасында Мэйдин долбоору колдоо таппай калды! Бирок, Мэйдин ушул 118 партиялаштары оппозиция көтөрүп жаткан өкмөткө ишеним көргөзбөөгө каршы добуш беришип Мэйдин өкмөтүн колдоого алышты. Анын натыйжасында Мэй долбоору өтпөй калгандыктан анын өкмөтү кулап калган жок...

4. Жогоруда айтылып өткөн нерселердин негизинде 2016-жылдагы Британиядагы ЕБден чыгуу тууралуу референдум өткөрүүдөгү максат Британия ЕБ менен жаӊыча алакалардын шарттарын жакшыртуу максатында шылтоо катары кылгандыгы көрүнүп турат. Ошондуктан, Мэй Brexit маселесинде өзүнүн «118» партиялашы оппозициянын тараза ташын оор кылышы максатында өзүнө каршы добуш берүүгө мүмкүндүк берди! Эгер, ал 2016-жылдагы референдум өз күчүндө калышын каалаганда бул «118» партиялашына өзүнө каршы добуш беришине мүмкүндүк бермек эмес. Бирок, өзүнүн өкмөтү кулап калбаштыгы үчүн бул «118» партиялашын өзүн колдоп оппозицияга каршы добуш бердирди! Муну менен Мэй Британия ЕБде дагы өзгөчөлүктөргө ээ болуп калуу жана жаӊы алакалар негизинде өз кызыкчылыгына жетүү үчүн ЕБди шантаж кылууну улантуу максатында кылды... Британия ЕБден биротоло кол үзүп кете албайт жана азыркы ЕБдеги мыйзамдар негизинде да ЕБде калып да кала албайт. Андан биротоло чыгып

кетүү Британиянын өзүнө чоң залакасын тийгизет. Айрыкча, Шотландия жана Түндүк Ирландияга өтө залакасын тийгизет.  Ошондуктан, ал ЕБде калууну каалап жатат, бирок шарттар менен. Же  чыгуудан башка оорун калбай калса, анда ЕБ эсебинен өзгөчөлүктөргө ээ болуп калууну самап жатат!

5. Ошол эле маалда ЕБ Британияны өз «максатын ачыкташын» талап кылды. «ЕБ Британиядан «мүмкүн болушунча тез арада» ЕБден чыгып кетүү планындагы өз «максатын ачыктоону» талап кылды. Дагы кошумчалап «бул добуш берүү менен көзөмөлсүз чыгып кетүүнүн кооптуулугу менен да эскерти». («CNN arab», 2019.01.15.). 2016-жылдагы референдум тууралуу чыккан Жоопдо мындай дегенбиз: «ЕБ Британиянын айла-амалын түшүнүп калган өңдүү. Британия Лиссабон келишимдеги «50-берене» негизинде бөлүнүү жараяны башталышынан мурда Норвегия жана Швед үлгүсү негизинде өз кызыкчылыгын сактап калуу максатында расмий эмес келишимге жетүүнү каалап жатат. Бирок, Норвегия менен Шведдикинен башкача. Британия Европа базары ага ачык болуусун каалады жана адамдардын өлкөгө эркин кирип-чыгууларына каршы болду. Анткени, бул маселе Британия шайлоочулары арасындагы негизги көйгөй болуп саналат. Муну Меркель кескин түрдө четке какты. Анткени, адамдардын ЕБ ичинде эркин жүрүүлөрү кызмат, акча жана товар алмашуулары катарындагы эле ЕБ кастарлаган эркиндиктердин бири. ЕБ Британиянын айлакерлик кылып жатканын сезди. Ал муну эле четке какпастан, ЕБге мүчө болгон 27 өлкөнүн кайсы бири Британия менен жашыруун да сүйлөшүү өткөрүүсүнө чек койду. Еврокомиссиянын төрагасы Жан-Клод Юнкер мындай деди: «Менин өтө ачык болуума мүмкүндүк бергиле, Британия өкмөтү менен жашыруун сүйлөшүү өткөрүү мүмкүн эмес». Ошондой эле бул ишти комиссия жана комитет мүчөлөрүнө өтө айкындаштырып мындай деди: «Эч кандай жашыруун сүйлөшүүгө жол жок... эч кандай жашыруун сүйлөшүүгө жол жок. («Evening standard»). Германия канцлери Меркель Лондонго жолдогон

катында мындай деди: «Британия ЕБден чыгуу тууралуу референдум өткөргөндөн кийин ЕБдеги өз өзгөчөлүктөрүн сактап кала албайт жана ошол эле маалда баардык милдетеринен бошойт». («DPA», 2016.06.28.). (цитата бүттү).

6. Бирок, Британия ЕБ анын максатын түшүнүп калганына да карабастан 2019-жылы 15, 16-январда референдум саясий оюнун уланты. Брексит долбооруна байланыштуу 2016-жылкы референдумду жокко чыгарды. Бирок, долбоорду демилгелөөчү Мэйге карата ишенбөөчүлүк көргөзүлгөн жок, башка жаңы долбоорду демилгелөөсү үчүн ага ишеним көргөзүштү! Айрыкча, ЕБде калуу же чыгуунун айырмасы жок Ирландия маселесин чечүү үчүн ага ишеним көргөзүштү. Кырдаал ушундайча уланды, массалык маалымат каражаттары бул жаатта Мэйдин жаңы планын маалымдай баштаашты.

А. Британия өкмөт башы Мэй парламент тарабынан ЕБ менен жетишилген «Брексит» келишими негизинде ушул жылдын март айында Британиянын ЕБден чыгуусу четке кагылган соң, 2019-жылы 21-январда «алтернатива» катары жаңы планын парламенке сунуштады. Эгер, парламент чыгуу мөөнөтүн узарта алышпаса же Еврокомиссияны жаңы алтернативдик план менен ыраазы кыла алышпаса, анда Британия келишим жок эле ЕБден чыгат. Мэй өзүнүн сунуштаган планын кандай кылып ишке ашыруу жараянын тактаган соң ушул жылдын 29-январында добушка коюлушу үчүн парламент тарабынан да оңдоп түздөөлөр киргизилет. Параламент четке кагып жаткан өтө карама-каршылыкты пайда кылып жаткан берене «коопсуздук тармагы» боюнча. Бул мыйзамда Ирландия менен чек арада эркин кирип чыгуу кепилдиги камтылган. Азыркы учурда Британия ЕБ менен узак мөөнөттү соода келишимине жетише алган жок. «Sunday Times» гезитинин маалыматына ылайык, Мэй Дублин менен өзүнчө келишимге жетишүүнү сунуштайт. («AFP», 2019.01.21.).

Б. «Телеграф» гезити аты аталбаган дипломатиялык булактан алып берген маалыматында: «Мэйдин талабы Ирландия чек арасына байланыштуу мөөнөттүү милдетендирилген мыйзамдын коюлушуна такалып турат. Ал мыйзам Британияга ЕБден бир тараптуу чыгып кетишине мүмкүндүк берет. Же Ирландия чек арасы маселесине байланыштуу  милдеттенмелер күчүнө киришин алдын калуу максатында 2021-жылга чейин соода келишимине жетишүү мүмкүнчүлүгүн жаратат. («Ахбару Ливия», 2019.01.21.).

Г. Мэй 2019-жылы 21-январда билдирүү берди: «Өткөн айда ЕБдин лидерлери менен «коопсуздук тармагы» боюнча жетишилген келишимге өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн Брюсселге баруу ниети бар экенин билдирди. «Коопсуздук тармагы» боюнча мыйзам Ирландия менен чыныгы чек ара бекеттерин орнотууну жокко чыгарат. Мэй мындай деди: «Мен бул аптада өз милдеттемлерибизди кандай аткарышыбызды талкулоо үчүн  кесиптештерим менен жолугамын. Алардын арасында Түндүк Ирландия  юнионисттик демократия партиясынын жооптуулары да бар», чек ара орнотулбашынын алдын алууну баяндап: «Мүмкүн болушунча ири колдоо алуу жолу менен», - деди. Өкүлдөр палатасында кошумчалап мындай деди: «Мен бул талкуулардын корутундуларын ЕБге сунуштайм». ЕБдеги 27 өлкө жана башка өлкөлөр да Мэйдин кийинки кадамдары кандай болоорун күзөтүп турушат. («24 AFP», 2019.01.21.).

Д. «Мей Брексит боюнча өзүнүн кээ бир позициясы өзгөргөндүгүн жана парламент менен боло турган талкууда «ийкемдүүрөк» боло тургандыгын билдирди. Ошондой эле оппозициячыл лейбористтик партиянын Британия жумушчуларынын укуктарын камсыздоо жана Түндүк Ирландия, Ирландия республикасы менен катуу бажы көзөмөл коюлуусунан кооптонуп жаткан талабдарын да канаатандыруу максатында... Терезе Мэй Британиянын ЕБден чыгуу шартарынын жаңы планын Парламентке сунушайт. Анткени, парламент ушул жылдын 15-январында Мэйдин Брюссель менен келишкен биринчи планын четке каккан. Ушул жылдын 29-январында Британия

парламенти Мэйдин жаңы планына карата добуш беришет». («RT arabic», 2019.01.21.).

7. Корутундулап айтканда, Британия эч бир келишимди лаазым тутпайт, тескерисинче ал референдум оюнун ишке салып түрлөнүп турат. Ал өзүнүн кара ниеттик кызыкчылыгына жетүүдө айлакерлик кылуунун чебери. Кечээ Брексит долбоору тууралуу референдум өткөрсө, бүгүн аны жокко чыгаруу референдумун өткөрүп жатат! Бул деген ЕБ эсебинен долбоорго карата өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн ЕБди шантаж кылуу саясаты. Капиталисттик Батыштын баардыгында туруктуу кыймат болбошуна карабастан, Британия өзүнүн колонизаторлук таарыхында булардын баардыгынан ашып түшөт. Британия ЕБден биротоло кол үзүүнү каалган жок. Ал башка түрүн чыгып кеткен да ичинде калганда эмес абалды каалап жатат! Башкача айтканда, ЕБден бир учурда чыккан, ошол эле маалда ичинде калган абалды каалап жатат! Ал ЕБдин мыйзамдарын лаазым тутпастан, анын алакаларынан пайдалангысы келип жатат, өзүнүн пайдасы үчүн гана пайдаланууну максат кылды. Биз жогоруда айтып өткөнүбүздөй, Британия биринчи референдумду өткөрүп, бирок анын жыйынтыгын создуктура баштаганда Германия канцлери Меркель Лондонго жолдогон катында мындай деди: «Британия ЕБден чыгуу тууралуу референдум өткөргөндөн кийин ЕБдеги өз өзгөчөлүктөрүн сактап кала албайт жана ошол эле маалда баардык милдетеринен бошойт». («DPA», 2016.06.28.). Эгер, Британия биринчи жетишилген Брексит долбоорунун кандайдыр бир беренелерине өзгөртүүлөрдү киргизбестен, ага бекем туруп алса, анда ЕБ Британияны аны кабыл алып ишке ашырына же ЕБден чыгуу шартын коюу менен ага өз ишинин убалын тарттырып коюшу толук мүмкүн. Эгер, Британия ушундай кыла турган болсо, анда өзү каскан орго өзү түшүп калат. Эгер, ЕБ Британиянын өзгөртүүлөрүн кабыл алса, анда Британия ЕБдин жонуна тээ ал өзү кетирген катаны сезгенге чейин түшпөстөн минип алат!

Мындай абал бири-бирине ор казган илманий (динсиз) капитализмди кабыл алган элдерде жүз берет. Алар өздөрү казган орго кээ бир бөлүгү же тобу менен түшүп кетишет. Аларды бул иштеринен токтотуп же тосуп коё турган карманар баалуулуктары, кыйматтары жок. Тескерисинче, алардын бири-бирине кастык кылуулары Аллахтын мыйзамын лаазым тутпагандар сыяктуу. Аллах айтат:

***«Алардын*** *(бири-бирине болгон)* ***кастыгы катуу. Аларды бир деп ойлойсуңар. Алардын жүрөктөрү ар түрдүү. Анткени алар акыл жүргүзбөгөн коом»*** [59:14]

Бул ааламды башынан аягына чейин бактысыздыкка оронуп алгандар оңдой албайт. Тескерисинче, Аллахтын мыйзамын орното турган туура жолдогу Халифалыкты тикелөө менен дүйнө бактысыздыктан куткарылат. Халифалык өз карамагына эле жакшылык, адилеттүүлүк нурун таратпастан, Аллахтын жардамы менен бүткүл дүйнөгө таратат. Аллах айтат:

***«Анын кабарын бир аздан кийин билесинер»*** [38:88]

**29-жумаадил-уула, 1440-х.**

**25-январь, 2019-ж.**

**Вагнер күчтөрү жетекчисинин козголоңунун артында эмне турат?!**

**Суроо:** ***2023-жылдын 24-июнунда Вагнер аскердик уюмунун жетекчиси Орусия армиясына каршы козголоң баштаганын билдирди. Орусия Коргоо министри жана Башкы штабыдын жетекчиси менен жолугушууну талап кылды. Аларды катуу сындаган Вагнер лидери анын аскерий күчтөрү Москвага карай жүрүш баштаганын билдирди. Бул маселеге байланыштуу билдирүү жасаган Орусия президенти Владимир Путин козголоңду кыянаттык жана далыга урулган бычак катары баалады. Белорус президентинин ортомчулугу менен Вагнер лидери Москвага жүрүшүн токтотту жана Белоруска чыгып кетүүгө келишилди. Батыш козголоңдун башталышына жана тез арада токтошуна таң калды. Бул козголоң кандай максатта жүз берди?***

***Орусия үчүн кандай натыйжа болду? Бул козголоңдун артында Батыштын же Американын колу барбы? Суроом созулуп кеткени үчүн үзүр сураймын. Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.***

**Жооп:** Бул суроолордун жообун ачыктоо үчүн ушуларга токтолобуз:

1 – Вагнер уюму жарым-жартылай мамлекеттик коопсуздук компания болуп эсептелет. Компания 2014-жылы миллиардер Евгений Пригожин тарабынан түзүлдү. Пригожин Путинге тамак жасаган ресторандын ээси болгону үчүн Путиндин жакын сырдашы катары таанылган. Вагнер компаниясы Орусия Коргоо министрлиги менен келишим түзүп, өз мүчөлөрүн лагерлерде машыктырып келет. Айрыкча, курал-жарак менен камсыздалып, мамлекеттин ыплас аскерий жана коопсуздук вазыйпаларын жана экономикалык иштерин жүзөгө ашырат. Вагнер Ирак басып алынган алгачкы жылдарда АКШ аскерлери менен катар ыплас ролду аткарган белгилүү Американын аскердик компаниясы "Блэк ватерге" окшойт. Ал кылмыштарды, адам өлтүрүүнү, камоолорду жана кыйноолорду жоопкерчиликсиз жана мыйзамсыз түрдө уюштурат. Орусия анын миссиясын өлкөнүн сыртында ишке ашырып келген Вагнерди акыркы жолу Украинадагы согушта колдонду. Президент Путин 2023-жылдын 27-июнунда Кремлде аскер кызматкерлери менен жолугушуу учурунда 2022-жылдын май айынан 2023-жылдын майына чейин Вагнер компаниясына 86 млрд 262 млн рубль (1 млрд доллар) каражат бөлүнгөнүн билдирди. Компания жетекчиси Пригожин акча жана курал-жаракка ээ он миңдеген аскерге жетекчилик кылат. Ал орустардын арасында популярдуу болгону үчүн күчүнө ишенип, режимди шантаж же коркута алам деп ойлоду. Пригожиндин орус бийлигинде досторунун болушу, айрыкча Вагнер компаниясынын Сирия, Ливия, Мали жана Борбор Африка сыяктуу бир катар өлкөлөрдө лагерлеринин болушу Пригожинде менменсинүүнү жана текеберликти пайда кылганы көрүнүп калды.

2 – Вагнер уюму Орусия Украинада жүргүзгөн согушта, өзгөчө айлар бою созулган Бахмуттагы согуш учурунда таанылды. Вагнердин лидери Евгений Пригожиндин аты алгач Бахмутта украиндер менен салгылашта аскерий курал-жарак жетишсиздигинен улам Коргоо министрин жана Башкы штабдын жетекчисин кескин сындагандан кийин маалымат каражаттарында байма-бай чыга баштады. Ал билдирүүсүндө Орусиянын Коргоо министри менен Башкы штабдын жетекчисин кескин сынга алып, а түгүл кыянаттыктары үчүн кызматтарынан алынышын талап кылды. Украинада он миңдеген орус аскеринин өлүмүнө жана алынган жерлердин душманга кайра берилишине Орус армиясын күнөөлөдү. Ошол эле учурда, Орусиянын Украинага каршы согушту баштаганын да айыптады. Пригожин 23-июнь күнү козголоң баштоодон бир күн мурун “Telegram” каналы аркылуу жасаган билдирүүсүндө: “Шойгуга маршал болушу үчүн жана экинчи баатыр медалын алышы үчүн согуш керек болду. Ошондуктан, Украинаны басып алууну баштады. Украина НАТО менен бирге Орусияга кол салат деген маалыматтар жалган болгон. Коргоо министрлиги Украина Орусияга кол салуу үчүн НАТО менен союз түзгөнүн айтып, президент Путинди жана орустарды алдады. Россия куралдуу күчтөрү Киевдин контрчабуулунан улам Украинанын чыгышында жана түштүгүндө артка чегинүүдө”, - деди.

3 – Вагнер уюмунун жетекчиси 24-июнда Орусиянын Украинага карата чабуулунун негизги борбору болгон Ростов шаарындагы аскердик базага киргенин, аэропорт менен катар аскерий бөлүктөрдүн баарын колго алганын билдирди. Пригожин “Telegram” каналынан бөлүшкөн видеодо: “Биз ушул жерде турабыз. Эртең мененки саат 7:30. Ростовдо аэропорт менен бирге аскердик бөлүктөрдүн баары биздин көзөмөлүбүздө. Украинада басып алынган бир нече жерди колдон чыгардык. Өлгөн орус аскерлеринин саны жогору жакка айтылгандан 3-4 эсе көп”, - деди. Ал орус армиясын дагы бир жолу согуш майданындагы чындыкты жашырып жатканы үчүн айыптады. Пригожин: “Өлгөн аскерлердин саны жогору жакка айтылгандан 3-4 эсе көп.

Айрым күндөрү санитардык жоготуулардын саны миңге чейин жетип жатат. Алар согушуудан баш тарткандар, өлгөндөр, жараат алгандар жана дайынсыз жоголгондор. Орусия Башкы штабынын жетекчиси Валерий Герасимов мекемеге жакындаганыбызды укканда качты... Вагнердин күчтөрүн чачыратууну каалашты", - деди. Андан кийин вагнерчилердин колоннасы Украина чек арасына жакын Ростов шаарынан Воронеж шаарына, анын артынан Липецк шаарына жетти, Москвага 200 чакырым жакын аймакка чейин илгериледи. Ошентсе да Пригожин артка чегинүү эшигин ачык калтырып, Путинди ачык айыптоодон карманды. Ал 26-июнда "Telegram" каналы аркылуу жасаган билдирүүсүндө: "Вагнер күчтөрү Москвага карай жүрүш жасай турганын, бирок президент Путинди бийликтен кулатуу сыяктуу ниети жок экенин, Вагнердин жоюлушуна жана Коргоо министрлигине интеграцияланышын токтотуу үчүн Москвага жүрүш жасаганын жана кан төгүүнү алдын алуу үчүн өз лагерлерине кайра кайтуу буйругун бергенин", - билдирди.

4 – Пригожиндин түздөн-түз Путинди айыптабашы ага пайда бербеди. Анткени, Орусия президенти козголоң башталгандан сааттар өтпөй аны күч менен бастырарын айтып коркутту. Путин 24-июнда Орусиянын мамлекеттик телеканалдары аркылуу жасаган кайрылуусунда: "Вагнер жеке аскердик уюмунун куралдуу козголоңу – бул кыянаттык. Орус армиясына каршы курал менен каршы чыккандардын баары жазаланат. Орусиянын Куралдуу күчтөрү аскерий козголоңду уюштургандарды жок кылуу үчүн тийиштүү буйрукту алды. Учурда калктын келечеги белгиленип жатат. Бардык күчтөр ар кандай келишпестиктерди четке коюп биригиши керек. Кечээ түнү бардык аскерий жетекчилер менен байланыштым. Бул коркунучка каршы жооп абдан катуу болот. Бул болгон окуя – кыянаттык жана далыга урулган бычак. Орусия нацизмге каршы согушуп жаткан учурда козголоң уюштургандар бар. Ар кандай ички туруксуздук мамлекет үчүн өлүмгө алып келүүчү коркунуч жана орус калкына урулган сокку", - деп

билдирди. Ал эми, Путин Вагнердин жетекчиси тууралуу “жеке амбициясы” чыккынчылыкка алып келди деди. Буга жооп катары Пригожин: “Президент мекенге чыккынчылык кылды деп терең жаңылышканын, Путин жаңылыш тарапты тандаганын, Орусиянын Путинден башка жаңы президенти боло турганын”, - айтты. (24.06.23, Telegram).

5 – Ушундайча кырдаал дагы да начарлап, Орусия үчүн Украинадагы согуш шарттары абдан оор абалга келди. Согуш Орусияны абдан кыйнап, анын материалдык жана адамдык ресурстары түгөнүп барууда. Орусия көзгө көрүнөрлүк жылыш жасай албады. Ал согуш майданындагы позицияларын коргоо менен алек. А түгүл, айрым позицияларынан чегинүүдө. Бул козголоң Орусия үчүн, айрыкча президент Путин үчүн өлүмгө алып барчу окуя болуп калды. Путин өзүнүн жана өлкөсүнүн тагдырын белгилей турган согуш бороонуна кабылды. Путин мындай оор абалда козголоңду токтотуу жана маселени тынчтык жол менен чечүү үчүн белорустук кесиптешинен ортомчулук кылууну сурадны. Белорус президентинин маалымат кызматы тараткан билдирүүдө: “Белорус президенти Александр Лукашенко Орусия президенти Владимир Путинге Вагнер жетекчиси менен болгон сүйлөшүүлөрдүн натыйжасы жөнүндө деталдуу маалымат берди. Орусия президенти Белорус президентин колдоду жана жолугушуу үчүн ыраазычылык билдирди”, - деп айтылды. Сүйлөшүүдө Вагнер уюмунун жетекчисине коопсуздук кепилдиги берилүүсү менен бирге кризисти чечүүнүн жолу сунушталды. Сүйлөшүүлөр президент Путин менен координацияланды. Кремлдин маалымат катчысы Дмитрий Песков келишимдин маанилүү пункттары тууралуу билдирүү жасап: “Пригожиндин компаниясына кошулууну каалабаган Вагнер согушкерлери орус куралдуу күчтөрүнүн катарына кошулуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Ар кандай сот жообуна тартылышпайт. Пригожинге ачылган кылмыш иши токтотулат. Пригожин Белоруска кетет”, - деди. (25.06.23, Russia Today). Ошентип,

Путин козголоңду токтотуп, Орусияны көптөгөн жоготуудан жана согуштан куткарып калды.

6 – Чамасы, Вагнер жетекчиси күтүүсүз иш-аракеттерди жасагандай көрүнөт. Эгер, Москвага жетип колдоо тапса жана мамлекет аны жок кыла албаса, Путиндин бийлигин кулатып, ордуна барууну арзуу кылды. Бирок, алга жылууда кайраттуулугун көрсөтө албай, ийгиликсиздиктен коркту. Путиндин Белорус аркылуу коркутуусу, ырайым берүү убадасы жана Белоруска кетүүсүнө уруксат бериши – Пригожин тобокелдиктин ордуна коопсуздукту тандаганын көрсөтүп турат. 25-июнда болуп өткөн сүйлөшүүдөн кийин Вагнер жетекчиси Telegram аркылуу жасаган кайрылуусунда: “Аскерлерибиз кан төгүлбөшү үчүн лагерлерге кайтышат. 23-июнда адилеттик жүрүшүнө чыктык. 24 саат ичинде Москвага 200 чакырым жакын аралыкка чейин кирип бардык. Бул убакыт ичинде согушкерлерибиздин бир тамчы канын да төкпөдүк”, - деди.

7 – Мындан белгилүү болгондой, Путин убактылуу болсо да кризисти алдын алууга жетишти. Путин 26-июнда Орусиянын мамлекеттик телеканалы аркылуу жасаган кайрылуусунда: “Вагнер козголоңун токтотуу менен бир апаатты алдын алдык. Белорус президенти Лукашенкого абалды тынч жол менен чечүү үчүн көрсөткөн жардамына ыраазыбыз... Бирок, козголоңдун уюштуруучулары өз өлкөсүнө, элине кыянаттык кылып, кылмышка сүйрөп баргандарды да сатып кетишти. Бул жарандык тилектештик ар кандай шантаж, туруксуздук пайда кылуу аракеттери ийгиликсиз боло тургандыгын көрсөттү”, - деди. Путин Вагнер согушкерлерине армияга кошулуу сунушун кайталап: “Каалагандар Белоруска чыгып кете алышат”, - деп билдирди. Ал “Батыш менен Киев Орусияда ички согуш чыгарууну каалаганын жана коопсуздук кызматтары Орусияны коргоо антына бекем турушканын” кошумчалады. Бул болсо, козголоң мамлекетке коркунуч алып келгенин, режимдин жана президент Путиндин аброюн түшүрүп, Орусиянын эл аралык

позициясына таасирин тийгизгенин түшүндүрөт. Бул козголоң Орусиянын ички абалы да туруксуз экенин көрсөттү.

8 – Батыштын позициясына келсек, Батыш козголоңдун чыгышына жана тездик менен токтошуна таң калганын көрүүгө болот. Акыйкатта болсо, алар козголоңдун уланышын абдан каалашты. Ошондуктан, бүткүл көңүлдөрүн Орусияда болуп жаткан окуяларга бурушту. Бул өлкөлөрдөгү аткаминерлер арасында байланыш жана телефон аркылуу сүйлөшүүлөр “тыгынга” учурады. Себеби, мындай козголоң Украинадагы согуштун жүрүшүнө таасирин тийгизип, Орусия үчүн абал тескери жүрүп, Батыштын каалоосу орундалышы мүмкүн эле. Америка болуп жаткан окуяларга мамилесин билдирип, президент Байден: “Биздин козголоңго эч кандай алакабыз жок. Бул Орусия системасы ичиндеги бир күрөштүн бөлүгү”, - деген мааниде сөз сүйлөдү. Ал Коопсуздук мекемесине Орусиядагы окуяларды жакындан күзөтүү тапшырмасын бергенин кошумчалады. АКШнын мамлекеттик катчысы Блинкен: “Бул маселеде спекуляция жасоону каалабаймын. Фильм дагы да уланууда жана али акыркы сюжет көрүнө элек”, - деди. Козголоң Орусия президенти Путиндин бийлигине түздөн-түз каршы чыгуу экенин билдирген Блинкен: “Путиндин бийлигинде буга чейин болбогон жаракалар пайда болду. Козголоң башталгандан тез бүтсө дагы, бул, Путиндин бийлигине түздөн-түз коркунуч туудурду. Ошондуктан, айрым суроолорду күндүн темасына айлантып, Путиндин башкаруусундагы чыныгы жараканы көрсөтүүдө”, - деди. (26.06.23, CBS). АКШ Тышкы иштер министринин расмий сүйлөөчүсү Миллер журналисттер үчүн уюштурган басма сөз жыйынында: “Вагнер козголоңу – Орусиянын ички маселеси. АКШнын козголоңго эч кандай тиешеси жок... Ишемби күнү Вагнер козголоңу учурунда АКШнын Москвадагы элчилиги аркылуу орустар менен байланыштык. Евгений Пригожиндин бул согуштун себебин түздөн-түз тергеп-тескөөсү жана согуш жалган негизге таянып башталганын жарыялоосу жаңылык...”, - деди. (26.06.23, Reuters). Европа Биримдигинин

Тышкы иштер министрлиги Орусияда аптанын соңунда токтотулган козголоң тууралуу билдирүү жасап, аны Москванын Украинада жүргүзгөн согушуна карата ички нааразылык катары сыпаттады. Бул окуя Орусиянын аскерий күчүн балталаганы айтылды. Европа Биримдигинин Тышкы саясат боюнча жетекчиси Жосеп Боррел: "Бул аптанын соңунда болгон козголоң Украинага каршы согуш орус күчүн сындырганын жана саясий системасына таасирин тийгизгенин көрсөтүүдө", - деди. (26.06.23, alweeam). НАТОнун башкы катчысы Йенс Столтенберг: "Орусиядагы окуялар – ички маселе. Орусиядан өзөктүк курал колдонуу тууралуу эч бир ишара көргөн жокпуз", - деп билдирди. (26.06.23, Sky news).

9 – Ушундайча Америка менен Батыш козголоңго эч кандай тиешеси жок экенин билдиришти. Бирок, мындай билдирүүлөргө карабастан, Батыш, айрыкча Америка Пригожинге тигил же бул жолдор менен бул ишти кылуусуна түрткү бергени ыктымалдан алыс эмес. Башка абалда Вагнер уюмунун мындай ишке батынуусу кыйын. Себеби, компаниянын негизин соттолгон аскерлер түзөт. Пригожин СССР ыдырагандан кийин Америка бийликке келүүсүн камсыздаган Орусиянын алгачкы президенти Ельцинге окшойт. АКШ ошол учурда Ельцинге багыт бергени кийин ачыкка чыккан. 2023-жылдын 15-майында "Washington Post" гезити Пригожин Африка өлкөлөрүнүн биринде Украина аткаминерлери менен жолугуп, Украина күчтөрүнүн Бахмуттан чегинүүсүнүн акысына Орусия куралдуу күчтөрү тууралуу маалымат берүүгө даяр экенин айтканын жазды. Гезит булак катары АКШнын атайын кызматтынын маалыматтары менен украиналык аткаминерлерге таянганын билдирди. Бирок, Пригожин "Telegram" аркылуу билдирүүсүндө "Washington Post" гезитинин кабарын жокко чыгарып, "күлкүлүү" деди. Кремлдин маалымат катчысы Дмитрий Песков, "Washington Post" гезитинин маалыматын жалган кабар экенин айтты. (16.05.23, "AFP"). Пригожин жана Кремль бул кабарды четке какса да, Пригожин Орусиянын аскерий аракетин жана Коргоо министрин сындаганы

акыйкат. Ал Украина согушун баштоо чечими Путиндин өзүнө тиешелүү экенин билсе да, Коргоо министрин айыптап, Путинди алдаганын айтты. Ал эми, “Russia Today” телеберүүсүнүн түз эфиринен Путин согуштан эки күн мурун бийликтин жогорку кызматтагы аткаминерлери менен жыйын өткөргөнүн көрүүгө болот. Демек, согушту баштоо чечими Коргоо министринин эмес, президент Путиндин чечими болгон. Пригожин согуш чечимин сындоосу жана чечимди Путиндин кабыл алганын билип туруп Коргоо министрлигин сындоосу Путинди сындоодон качканын билдирет. Ал Батышты, айрыкча Американы ыраазы кылуу максатында согушту баштоо ката болгонун билдирген. Мындан улам, Путиндин өч алуусунан коркту... Демек, Американын Украина же башкалар аркылуу Пригожин менен байланыш түзүүсү жана ушундай козголоң көтөрүүгө түрткү берүүсү ыктымалдан алыс эмес. Бирок, Пригожин Путиндин коркутууларынан улам өзүнө ишене албай артка чегинди. Башын аман алып калып, Белоруста сүргүндө жашоону тандагандай.

10 – Бул козголоң Путин үчүн 1999-жылы бийликке келгенден бери эң чоң каршы көтөрүлүш болуп калды. Пригожин башкаларды да козголоңго чакырганы талашсыз. Пригожин өзү баш болуп, анын компаниясынын аскерлеринин көпчүлүгү соттолгондор. Ушундай аскерий уюмдун жетекчиси баштаган аскердик козголоң Путиндин аброюн жерге төктү. Бул, Путин айтылгандан да алсыз экенин, туңгуюкка кептелип калганын түшүндүрөт. Бул, Путин анын бийлигине каршы чыккан козголоңчу менен да келишүүнү эп көргөн абалга келип калганын ачык көрсөтүүдө! Бул окуя Путиндин жүзүнө урулган сокку болуп, анын лидерлигине жана өлкө коопсуздугуна көлөкө түшүрдү.

Жыйынтыктап айтканда, Чыгыштагы жана Батыштагы колонизатор кафир өлкөлөр алардын барлыгына коркунуч жеткире турган күч болбогондуктан бутта турушат... Тарых кайталанса ажеп эмес! Жер жүзү кайрадан Халифалык менен нурдануу алдында турат. Халифалык бүгүнкү күндүн

Персия жана Римдерин майдандан түшүрөт. Орусия менен Батыш – өтмүштөгүлөр зулумдук кылгандай – бүгүн күндө мусулмандарга зулумдук кылышууда. Алардын ар бири шайтан! Ислам жана мусулмандарга каршы согушта алардын шайтандыгы бириники экинчисинен аз эмес. Шексиз, Алла Таала алардын амалдарын текке кетирип, бири-бири менен алек кылып, адамзатты алардын зулумдугунан куткаруу үчүн динине жардам берет.

﴿إِنَّا لَنَنْصُرُ رُسُلَنَا وَالَّذِينَ آمَنُوا فِي الْحَيَاةِ الدُّنْيَا وَيَوْمَ يَقُومُ الْأَشْهَادُ﴾

«Албетте, Биз пайгамбарларыбызга жана ыйман келтиргендерге дүйнө тирүүлүгүндө да, күбөлөр тура турган Күндө да нусрат-жардам беребиз» [40:51]

13-зулхижжа, 1444-х.

1-июль, 2023-м.

**Венесуэладагы кризис**

**Суроо:** *2006-жылы 10-январда Уго Чавес «Венесуэла үчүн бүгүнкү күндө негизги коркунуч – Америка администрациясы» деп билдирүү берди. Мурун да Чавес ушуга окшогон бир нече билдирүүлөрдү берген эле. Эми мындай суроо туулат. Чавес чындап эле Америкага каршыбы, же булар кудум Американын Жакынкы Чыгыштагы малайлары берчү билдирүүлөргө окшогон Америка менен шериктештигин жашыруу үчүн берилип жаткан билдирүүлөрбү? Американын Жакынкы Чыгыштагы малайлары да Америкага каршы билдирүүлөр берип турушат, негизи болсо, алар Америкага садык малайлар. Эми Чавестин билдирүүлөрү чындап эле душмандык рухунда болсо, Американын аны азырга чейин жок кыла албай жаткандыгы эмнени билдирет?*

**Жооп:** Уго Чавестин билдирүүлөрүн жана позициясын күзөтүү ушуну көрсөтүп жатат, анын Америкага душмандыгы чыныгы душмандык. Ошондуктан, Америка андан кутулуунун өтөсүнөн чыкса, аны албетте жок кылган болор эле. Маалым болгондой, Америка мурда буга урунуп, өтөсүнө

чыга албаган эле. Толук, айкын элестете алуу үчүн көңүлүңүздөрдү төмөнкүлөргө бурабыз:

1. Чавес 1954-жылы 28-июлда ак түстүү ата-энеден төрөлүп, кембагал католик үй-бүлөдө өсүп чоңойду. Анын балалыгы кембагалдыкта өттү. 9 жашында балдар ишканасында мээнет кылды. Ошондуктан, ал бардар турмуш кечирүүчү катмарды жана капиталисттер катмарын жаман көрүп калды. Жыйырма сегиз жашында революциялык уюм түзүм, ага Америкалык революционер Симон Боливардын наамын берди.

Чавес элдик кыймылдагы ишин улантып, Венесуэла калкынын көпчүлүгүн түзүүчү мазлум, кембагал катмарды Америкага малай болгон аким катмарга каршы козголууга чакыра баштады. Ал адамдарга кайрылып, нефт байлыгынын чыныгы ээлери алар экендигин, бул байлыктарды америкалыктар жана капиталисттер эмес, алар пайдалануулары керектигин айтар эле жана кээ бир солчулдук пикирлерин ортого таштар эле.

2. Мына ошондон кийин 1999-жылкы шайлоолордо өз талапкерлигин коюп, Америка таасириндеги оппозициянын катуу каршылыгына карабастан, жеңишке жетишти. Чавес жеңишке жеткенден кийин Америка эмне кыларын билбей калды. Ушунчалык эсеңгиреп калды деп кой, мындай абалга чыдап тура албай, ишара жана ачык-айкын сөздөр менен «Эң көп добуш алуунун өзү шайлоолорду мыйзамдуу өттү деп эсептөөгө жетиштүү болбойт» деген миш-миштерди тарката баштады!

3. Чавес өз ишин нефтиге тиешелүү иштерди тартипке келтирүү менен баштап, нефт казып алууну аста-секин мамлекет көзөмөлүнө өткөзө баштады. Анын бул иш-аракети Американы каардантты. Себеби, Америка компаниялары Чавестен мурунку президент доорунда Венесуэла нефтисинен «арстан үлүшкө» ээ эле, нефтиге Америка кожоюн эле. Эгер нефт баасы көтөрүлсө, Венесуэла нефт казып алууну көбөйтүп, базарды толтуруп таштар эле. Кээ бир жылдары анын ОПЕКтеги салымы ашып 44%ке жетер эле. Чавес

1999-жылы бийликке келгенден кийин, төмөнкү иш-чараларды ишке ашырды:

1. Венесуэла нефт компаниясын Америкага малай кызматкерлер жана адистерден тазалады. Алардын саны бир нече миңге жеткен болуп, жумушчу күчтөрдүн 30%ке жакынын түзөр эле. Иштен айдалган бул кызматкерлер «компания аларсыз ишин уланта албайт» деп жарыя кылууларына карабастан, Чавес жаңы кызматкерлер аркылуу компания иштерин алдыга жылдырууга жетишти. Ал күндөлүк нефт казып алууну 3 миллион баррел чегарасында кармап туруууга жетишти т.а. нефт ошол кызматкерлер айдалышынан мурунку доордогу көлөмдө казып алына турган болду. Ушул өлчөмдө чектелип калбастан, балким, жакында жарыя кылынгандай, аны казып алуу 3,6 миллион баррелге жетейин деп калды.

2. Чавес доллар менен боло турган проблемаларга катуу чектөөлөр койду жана доллар алды-саттысын өкмөткө караштуу Cadivi аттуу уюм аркылуу ишке аша турган кылып койду. Бул уюм долларды белгиленген шарттар менен бир долларга 1598 боливар (Венесуэла акча бирдиги) сата турган болду. Негизи, «кара базар»да баа бул иштен мурун бир долларга 2500 боливар эле.

3. Чавес чет элге сапар кылуучу венесуэлалыктарга жылына бир жолу бериле турган доллардын өлчөмүн 2000 доллардан ашпай турган кылып белгилеп койду. Калктын көпчүлүк бөлүгү кембагал болуп, сапарда сарптай турган 2000 долларга ээ болбогону үчүн чет элге сапар кылуу жөнүндө ойлобойт. Ошондуктан, бул чара Америкага байланып калган инвесторлор, ири соодагерлер, капиталисттер, соода агенттерине таасир этти.

4. Чавес Венесуэла нефтисинин Америка үчүн маанилүү турмуш артериясы (жан тамыры) экендигин жана Америка үчүн бул нефтинин мааниси дүйнөнүн ар кандай жайынан импорт кылып алып келип жаткан ар кандай нефтиден үстөм экендигин түшүнүп жетти. Себеби, Венесуэла Америкага жакын жайгашкан, мисалы, Американын Булуң же Ирактан

белгилүү бир көлөмдөгү нефтини алып келиши үчүн 45 күн керек болот. Венесуэладан ушунча көлөмдөгү нефтини алып келүү үчүн болсо 5 же 6 сааттан көп убакыт кетпейт. Ошондуктан, Америка Венесуэладагы өкмөттү өзүнө көз каранды кылууга жана өз компанияларынын Венесуэла нефтисинен биринчи болуп пайдаланышына дайыма умтулуп келди. Себеби, Венесуэла Америкага нефт экспорт кылуу боюнча төртүнчү орунда турат. Америка өзү муктаж болгон нефтинин 15%ке жакынын Венесуэладан алат. Ошондуктан, Чавес Америкага каршы күчтүү курал катары нефт көзөмөлүн өз колуна алууга катуу көңүл бурду. Ал Венесуэлада нефт казып ала турган ар кандай компанияга өз абалын оңдоп, капиталынын 51%ти өкмөттүкү болушун шарт кылып койду. Бул компаниялардагы башкаруу кеңешин жана токтомдорун да мамлекет көзөмөлдөй турган болду. Жаңы нефт кудуктары үстүнөн түздөн-түз көзөмөлдөө укугу өкмөткө караштуу компанияга берилди. Өз абалын 2006-жылдын башына чейин жаңы мыйзамга ылайык оңдобогон компаниялардын эксплуатация кыла турган (пайдалана турган) ар кандай кудуктар үстүнөн көзөмөлдөө укугу да өкмөт компаниясына бериле турган болду. Ошентип, 30га жакын нефт кудугу өкмөттүн түздөн-түз көзөмөлүнө өттү. Мындан мурунураак т.а. бийликке келгенинен бир жылдай кийин – 2001-жылы Чавес нефт казып алуучу чет эл компанияларына салына турган салыктын өлчөмүн көбөйттү. Мурун аларга 16,67% салык салына турган болсо, эми 30% салык салына турган болду. О.э. Чавес нефт секторун менчиктештирүүнү токтотту. Аны менчиктештирүү бийликке келишинен мурун болгон эле. Чавес нефтти улуттун жан тамыры деп эсептеп, аны менчиктештирүүнү токтотту.

Булардын баары Американы катуу ташбишке салып койду. Чавес муну менен чектелбей, бир канча мамлекеттер менен нефт экспорт кылуу боюнча келишимдер да түздү. Америка бул мамлекеттерге Латын Америкасынын нефтиси жетип барышына тоскоолдук кылып келер эле. Алар Куба жана Кытай сыяктуу мамлекеттер. Мисалы, Чавес Куба менен абдан жакшы

шарттар негизинде келишим түзүп, Кубага күнүнө 12000 баррел өлчөмүндө нефт жеткирип бере турган болду. Мунун акысына Куба Венесуэланы врачтар, мугалимдер, адистер… жана башкалар менен камсыздай турган болду. Чавес күнүнө 120.000 баррел нефт жеткирип берүү туурасында Кытай менен да келишимге кол койду.

5. Чавестин өз мамлекетинин тышкы саясатын Америкага зыян жеткирүүчү түстө жүргүзүшү. Буга мисал төмөндөгүлөр:

а) Латын Америкасы мамлекеттери менен алакалар орнотуу, аларды төмөнкү бааларда же бартер негизинде нефт менен камсыздоо, бул мамлекеттерди Америкага каршы саясат жүргүзүүгө үндөө. Чавес Борбордук Америкадагы он мамлекетке төмөн, абзел бааларда нефт экспорт кылды жана Бразилия президенти Лулу да Силва жана Кубадагы Кастро менен союз түзүп (Америка башчылык кылып жаткан карасанатайлык огуна каршы) жакшылык огу деп аталган окко негиз салды. Ал о.э. Боливия президенти Эво Моралеске да күнүнө 150.000 баррел нефт жеткизип берүүнү убада кылып, ага: «Нефт үчүн бир цент да төлөбө, болгону, айыл-чарба продукцияларыңардан жеткирип берсең болду» деп, өз тарабына оодурду. Чавес Эквадор, Аргентина сыяктуу Латын Америкасынын башка мамлекеттериндеги бийликке талапкерлерди колдоп-кубаттады. Ал о.э. коңшу Колумбияда Кошмо штаттарга көз каранды болгон өкмөттү колдоп-кубаттоо үчүн турган Америка аскердик күчтөрүнө жана (Израил)дин аскердик жана коопсуздук күчтөрүнө каршы күрөшүп жаткан Колумбия революционерлерин да колдоп-кубаттады.

Чавестин Борбордук жана Түштүк Америка мамлекеттери менен болгон алакалары ушунчалык кеңейип күчөдү, ал Борбордук жана Түштүк Америка саммити учурунда Мексика президентине ачыктан-ачык каршы чыгып, аны Бушка малайлыкта айыптап, «өз кожоюнуна берилген ит» деп атады жана бул сөзү үчүн кечирим суроону катуу четке какты! Себеби, Мексика президенти Түндүк жана Түштүк Америкада эркин соода уюмун түзүү

туурасында жан үрөп үгүт жүргүзгөн эле. Мындай уюм түзүүдөн көздөлгөн максат, АКШнын Түштүк Америка менен алып барыла турган соодада кожоюндук кылышы болчу.

б) Чавес Дүйнөлүк соода уюмуна каршы туруучу бир уюмду жүзөгө келтирүү максатында Россия, Норвегия, Мексика, Оман… жана башкаларды мүчө кылуу аркылуу ОПЕК уюмун кеңейтип, «нефт картелин» пайда кылууга урунду.

в) Чавес үчүнчү дүйнө мамлекеттери кызыкчылыктарын коргоо үчүн (ОПЕК мамлекеттери каражат менен камсыздай турган) үчүнчү дүйнө эл аралык банкын түзүүгө чакырды. Бул банк капиталисттик мамлекеттер, айрыкча, Америка кожоюндук кылып жаткан Эл аралык валюта кору менен Дүйнөлүк банкка каршы турушу лазым. Булардын баары Америкага баш ооруу болду. Ошондуктан, ал түрдүү жолдор менен Чавести оодарууга урунду:

1. АКШ 2002-жылы 12-апрелде Чавеске каршы төңкөрүш уюштурду жана ал камакка алынды. Эртеси күнү Америкага көз каранды массалык маалымат каражаттары «Чавестин доору бүттү» деп жар салды. Бирок, Чавес калктын басымы жана аскерлердин ага болгон берилгендиги себептүү 48 сааттан кийин эле дагы бийликке кайтты.

2. АКШ 2002-жылдын акырларында тартипсиздиктер келтирип чыгарууга тукурду. Айрыкча, нефт секторунда ушундай кылмакчы болду. Бирок, Чавес дааналык менен иш жүргүзүп, иш таштоочулар жана тартипсиздиктерге башчылык кылып жаткандар менен тил табышууга жетишти жана өзү жөнүндө калктын пикирин бирүү үчүн референдум өткөзүүгө ыраазы экендигин билдирип иштерди тынчытты. Бул референдум кийинирээк, 2004-жылдын жазында өткөзүлдү.

3. АКШ чиркөөнү Чавеске каршы коюуга урунду. Чавес чиркөөгө каршы чыгып «мен бул кимселерден көрө көбүрөөк христианмын, себеби, жарандар жөнүндө кайгыруу христиандык таалиматтарынын маңызын түзөт» деди

жана чиркөө жетекчилерин «Кудай жолунан узакташкан кимселер» деп атады. Ошондуктан, күчтүүрөөк ыктымал ушул, бул адам Америкадан узакташкан жана андан эгемендүү болууга ыктаган, өтө чоң максаттарга умтулуп жаткан киши. Мабдаий мамлекет үчүн Түштүк Американы Кошмо штаттарга каршы коюуда жана Монро доктринасын өтмүш таштандысына таштоодо мындай адамдан пайдалануу оңой жүрөт.

**24-зулхижжа 1426-х.**

**24-январь 2005-м.**

### Габондогу төңкөрүш тууралуу

**Суроо:** ***2023-жылы 30-августта Габондо армиянын, президенттик гвардиянын жана коопсуздук күчтөрүнүн офицерлеринин тобу бийликти басып алганын жарыялашты. Габондун президенти Али Бонго шайлоо комиссиясы анын үчүнчү мөөнөткө шайланганын жарыялагандан бир нече сааттан кийин үй камагына алынды. Шайлоо жыйынтыгы жокко чыгарылып, мамлекеттик мекемелер таратылып, чек аралар кийинки билдирүүгө чейин жабылат деп жарыяланды. Президенттик гвардиянын командачысы Нгеманы өлкөнүн убактылуу президенти кылып дайындаганын жарыялады. Бул төңкөрүштүн сыры эмнеде? Аймактагы эл аралык конфликтке анын алакасы кандай болот?***

**Жооп:** Бул төңкөрүштүн жообун тактоо үчүн биз ушул маселелерди карап чыгабыз:

1- Габон Атлантика океаны боюндагы Африканын батышында жайгашкан өлкө. Француз колонизаторлору Габонду 1885-жылы басып алып, 1960-жылы формалдуу түрдө көз карандысыздык берген. Белгилей кетсек, Габондун борбор шаары Либревилде аскерий база жайгашкан, ал жерде 1000дей француз жоокери бар, алар өлкөдөгү француз кызыкчылыктарынын корголушун көзөмөлдөп, француз таасиринин туруктуулугун камсыздайт. 2022-жылдагы эл каттоого ылайык, өлкө калкынын саны 2,3 миллионго жакын. Өлкөнүн аянтына болжол менен 270 миң км², статистика

көрсөткөндөй, мусулмандардын пайызы аз. Кулатылган президентти жана өткөөл мезгилдин жаңы президентин кошкондо бул пайыз 10-12%ды түзөт, алардын көпчүлүгү борбор Либревилде жашашат. Габон жаратылыш ресурстарына бай өлкө. Болот, темир жана аккумуляторлорду өндүрүүдө колдонулган марганецтин дүйнөдөгү экинчи өндүрүүчүсү болуп саналат. Алтындын, алмаздын жана урандын чоң көлөмүнөн тышкары, мунайдын жана газдын эбегейсиз запастары бар, ошондуктан ал ОПЕКтин мүчөсү. Франциянын Тышкы иштер министрлигинин сайтындагы маалыматтарга караганда, бул байлыктын эң чоң бөлүгү француз компанияларына таандык, алардын саны 110го жакын, анын ичинде марганец казып алган француздук «Эрамит» тоо-кен компаниясы, нефтини жана газды чыгарган француздук «Тотал» энергетикалык компаниясы бар. Ал эми, Габон Нигер, Мали, Сенегал жана Чад сыяктуу, валютасы африка франкы деп аталып француз акчасына байланган он төрт өлкөнүн бири болуп саналат. Ал еврого байлангандыктан Франция жана Европа Биримдигинин кызыкчылыгына кирет. Анын кирешеси Франциянын Борбордук банкына которулуп, Франциянын валюталык резервин түзөт, андан кийин гана Франция ага ит жемин берет. Ошондуктан, Габондун калкы жакырланып, Франция алардын байлыгын уурдап келет. Бул мамлекеттердеги адамдар бул байланышты үзүүнү жана акчаны Африка өлкөлөрүнүн банктарына которуп, байлыкты аларга бөлүштүрүүнү талап кылышууда.

2- Кулатылган президент Али Бонго – өлкөнү 41 жылдай башкарган атасы Умар Бонго каза болгондон кийин – 2009-жылы жасалма шайлоодо бийликке келген. Францияга малайлык кылууну баласы атасынан мурас кылып алган. Ал 2016-жылдагы шайлоодо жеңгенин жарыялаган. Ал Габондун конституциясы боюнча үчүнчү мөөнөткө талапкерлигин коюуга укугу жок болчу, бирок ал башка партиялар менен шайлоого катышарын макулдашкан жана бул партиялар макул болушкан. 2023-жылдын 26-августунда өткөн шайлоонун жыйынтыгы Али Бонго 64,27% менен жеңгенин

көрсөттү. Бул жыйынтыктар жарыяланган күнү президенттик күзөт кызматы, армия жана коопсуздук кызматкерлеринен турган топ президентке каршы төңкөрүш жасап, аны үй камагына алды. Бул топ “Габон- 24” кабар агентиги аркылуу президенттик сарайдан полковник наамындагы офицер тарабынан окулган биринчи билдирүүсүндө мындай деди: “Биз, Коргоо жана коопсуздук күчтөрү өткөөл жана кайра институтташтыруу комитетинин ичинде чогулуп, Габон элинин атынан учурдагы режимди жок кулатуу аркылуу тынчтыкты коргоону чечтик. Ушул максатта 2023-жылдын 26-августунда өткөн президенттик шайлоо жана анын жыйынтыктары жокко чыгарылды”. Офицерлердин басма сөз катчысы учурдагы режимдин кулаганын жарыялап мындай деди: “Президенттин уулу Нуреддин Бонго, анын жакын кеңешчиси, анын ичинде анын аппарат жетекчиси, орун басары, бир катар кеңешчилери жана президенттин басма сөз катчысы камакка алынды. Ал эми, президент Али Бонго жетектеген Габондун өкүмдар Демократиялык партиясынын эң маанилүү адамдарынын арасында дагы эки киши мамлекеттик мекемелерге чыккынчылык кылган, мамлекеттик каражаттарды уурдаган, уюшкан кылмыштуу топтун арасында эл аралык акчаны жеген, президенттик документтерди жасалмалап кол койгон, коррупция жана баңги аткезчилиги менен алектенген деп айыпталууда”. Төңкөрүштү өлкөдөгү бардык аскерий күчтөр пландаштыргандыгы көрүнүп турат. Эгер, аскерий сектор Франция тарабынан көзөмөлдөнөрүн билсек, күнөөлү бармак аны көрсөтүп турат.

3- Башка жагынан алганда, президент Али Бонго кызматтан алынгандан кийин үйүнөн электрондук байланыш каражаттары аркылуу тынчсыздануу белгилерин көрсөткөн билдирүү жөнөтүп, мындай деди: “Мен, Габондун президенти Али Бонго Ондимба, дүйнө жүзүндөгү бардык досторубузга мени жана менин үй-бүлөмдү камакка алган адамдарга карата үндөрүн көтөрүүнү суранган билдирүү жөнөтөм”. (Sky News Arabia, 30.08.2023).

Франция да, Америка да, Африка Биримдиги да Нигердин президенти Мухамед Базумга көңүл бургандай Али Бонгого көңүл бурган жок жана эч ким аны менен байланышпады. Тескерисинче, француз гезиттери төңкөрүштүн лидерине көңүл буруп, аны жылмалап, төңкөрүш жасоо укугун берүү үчүн иштеп жаткандай болду. 2023-жылдын 30-августунда француз Le Monde гезити төңкөрүштүн лидери жана Габондогу Республикалык гвардиянын командачысы Брис Олеге Нгеманын сөздөрүн келтирген: «Президент Али Бонго конституцияны бузду, үчүнчү мөөнөткө талапкерлигин коюуга укугу жок жана добуш берүү ыкмасы жакшы эмес болгондуктан, армия өз милдеттерин аткарууну чечти. Али Бонго пенсиядагы мамлекет башчысы болуп калды жана ар бир жаран сыяктуу бардык укуктарынан пайдаланат”. Белгилей кетсек, Президенттик гвардиянын командири Нгема президент Али Бонгого жакын, анын аталаш бир тууганы. Ал дагы атасы Умар Бонго менен жакын болгон жана көзү өткөнгө чейин анын атайын кеңешчиси болуп иштеген. Ал 2018-жылдын октябрында Али Бонго инсультка кабылып, 10 айга жакын шал болуп калган соң өлкөнүн Сенегалдагы жана Мароккодогу элчилигинде аскердик кеңешчи болуп иштегенден кийин өлкөгө кайтып келген. Ал эки жылга чет өлкөгө депортацияланып, андан кийин кайра кызматка алынып, президенттик гвардиянын башчысы болуп дайындалган, башкача айтканда, ал ээлик кылган тарап аны жарым жартылай шал болуп калган президенттен кийинки мезгилге кайра даярдануусун каалаган.

Оппозициялык президенттикке талапкер Альберт Ондо Оса 2023-жылдын 31-августунда Франциянын TV5 Bond каналына мындай билдирүү берди: "Биз иштин жүрүшүн жөнгө салышыбыз керек. Биринчиден, бул аскердик төңкөрүш эмес, сарай төңкөрүшү. Олеге Нгема Али Бонгонун аталаш бир тууганы. Бонго лагери Бонго режимин сактап калуу үчүн Али Бонгону кулатуу керек деген тыянакка келишкен... Олеге Нгема аларды ээрчиди, анын артында бийликти көзөмөлдөгөн Бонго үй-бүлөсү турат”.

4- Франциянын расмий позициясына келсек, Би-Би-Си 2023-жылдын 30-августунда француз расмийлеринин билдирүүлөрүн жарыялады: “Франция премьер-министри Элизабет Борндун билдироүүсү: “Париж Габондогу кырдаалга кылдат көз салууда”. Елисейдеги булак мындай деди: «Париж Габондогу төңкөрүштү ачык айыптайт, президент Макрон президент Бонго менен сүйлөшпөгөн жана Франция Габон тез арада конституциялык түзүлүшкө кайтып келет деп үмүттөнөт, бирок ал өлкөнүн ички саясий иштерине кийлигишпейт. Чечим аскердик төңкөрүш эмес, Габон элинин умтулууларын кепилдеген эркин жана адилет шайлоолор”. Бул позиция төңкөрүштү айыптагандай көрүнгөнү менен, аны колдогон позиция болуп эсептелет. Айыптоо аскердик төңкөрүшкө каршы коомдук пикирге туура келди, бирок Франция президентинин аракеттери айыптоо олуттуу эмес экенин тастыктап турат. Ал кулатылган Нигердин президенти менен байланышкандай кулатылган Али Бонго менен байланышкан жок жана төңкөрүштү жеке өзү айыптабады. Ал Нигерге карата кылгандай коркутуп же кийлигишүүнү талап кылган жок жана маселе ички деп эсептеди. Бул анын Нигердин ички иштерине кийлигишүү аракетинен айырмаланат. Франция Нигерде төңкөрүш жасагандарды таануудан баш тартты жана алардын француз элчисинин Нигерден чыгып кетүүсүн талап кылган өтүнүчүн четке какты. Чечим эркин жана адилет шайлоо аркылуу болоорун айткан Макрондун сөзү төңкөрүшчүлөрдү актоо жана аларга колдоо көрсөткөнүн билдирет. Өзгөчө Габон Франция үчүн маанилүү булак болгондуктан төңкөрүштүн артында Франция турушу басымдуу. Француз Монте-Карло басылмасы 2023-жылы 31-августта Париждеги Эл аралык жана стратегиялык мамилелер институтунун директору Кэролайн Россинин “Габонсуз Франция – бензинсиз унаа, Франциясыз Габон – айдоочусу жок унаа” деген сөзүн келтирген.

5- Европа Биримдигинин позициясы бул төңкөрүштүн артында Франция турганын тастыктайт. Евробиримдиктин тышкы саясат боюнча

расмий өкүлү Жозеп Боррель 2023-жылдын 31-августунда Испаниянын Толедо шаарында өткөн Европа Биримдигинин тышкы иштер министрлеринин 27-жыйынынын алкагында мындай деди: “Либревилдеги мыйзам бузуулар менен коштолгон шайлоодо бийликтен кулатылган президент Али Бонго жеңгенден кийин аскерий күчтөрдүн кийлигишкенин эске алганда, Габондо болуп жаткан окуялар менен Нигерде болуп жаткан окуяларды салыштыруу мүмкүн эмес”. Ал кошумчалап: “Аскердик төңкөрүштөр чечим эмес, бирок Габондо мыйзам бузууларга толгон шайлоолор болгонун унутпашыбыз керек. Жалган добуш берүү институционалдык жарандык төңкөрүш катары каралышы мүмкүн. Аскердик жана институттук төңкөрүштөр болуп жатат. Европа Биримдигине кирген өлкөлөрдүн жарандарын Африка өлкөсүнөн эвакуациялоо планы жок”. (Аль-Шарк Аль-Авсат, Аль-Маядин 31.08.2023). Бул билдирүүлөр Габондо болгон төңкөрүш аракетин актайт. Кала берсе, бул төңкөрүштү колдойт, анткени жалган добуш берүүлөргө буга чейин каршы чыккан эмес. Кыязы, Европа жооптуулары адегенде төңкөрүштүн маңызын билишпеген. Ошондуктан, ал төңкөрүштөн кийин дароо мындай деди: “Биримдиктин министрлери Габондогу кырдаалды талкуулашат, Батыш Африкада болуп жаткан окуялар Европа үчүн чоң көйгөй. Эгер, бул (төңкөрүш) тастыкталса, бул бүткүл региондо баш аламандыктарды күчөтө турган кезектеги аскердик төңкөрүш болот”. (Al Jazeera, 30.08.2023.) Бирок, бир күндөн кийин Евробиримдиктин министрлери, анын ичинде Франциянын тышкы иштер министри менен жолукканда, бул төңкөрүш Европанын кызыкчылыгы үчүн экенин жана толкундоолорун арттырбай турганын түшүндү! Ошентип, ал билдирүүлөрүн өзгөрттү!

6- Габондо жана башка Африка өлкөлөрүндө Францияны элдик четке кагуу маанйы бар. Франциянын президенти Макрон бир нече ай мурун бир канча Африка өлкөлөрүнө барып, ал жерде француз колонизаторлугуна каргыш айтылганын, Францияны четке кагууну көргөн. Макрон Габонго

2023-жылдын 2-мартында барган жана элдер аны каршы тосуп, аны Бонго режимин жана анын коррупциясын колдойт деп айыпташты. Макрон Францияга карата нааразычылык күчөп жатканын моюнга алып, Африка менен жаңы тең салмактуу, өз ара жана жоопкерчиликтүү мамиле курууга чакырды. Эл, өзгөчө жаш муун терроризмге каршы күрөш деген шылтоо менен француз күчтөрүнүн турушун колониялык мурастын көрүнүшү катары көрүп, жаңы көз карандысыздыкка чакырып жатышат. Франция бул төңкөрүштү Мали, Буркина-Фасо жана Нигерде болгон төңкөрүштөрдөн улам өз таасирин жана кызыкчылыктарын сактап калуу үчүн жасаган көрүнөт. Ал өлкөлөрдөгү төңкөрүштүн лидерлерине окшогон бир аскер командир менен өз таасирин күчөтүүнү, төңкөрүшчү аскерий командир болуп, Франциянын атынан аларга каршы турууну жана анын кызыкчылыктарын сактоону, же балким, алардын арасына кирип кетүүнү каалайт. Францияга жана анын кийлигишүү аракетине каршы союздаш болуп калгандан кийин аларды чаташтырат. Белгилей кетсек, Али Бонго ооруп, инсульттан улам 10 ай бою шал болуп калган. Ал өзүнүн психикалык жана физикалык жөндөмүнөн толук пайдалана албагандыктан, Франция аны ошол эле үй-бүлөдөн башка малайга алмаштыргысы келет деген имиштер бар. Бонгонун чөйрөсү жана уулу Нуреддин Бонго баш болгон иштерди көзөмөлдөгөндөр төңкөрүшчүлөр тарабынан камакка алынганы төңкөрүшчүлөр элди алдап, лоялдуу көрүнүш үчүн жасалууда. Анткени, камакка алынгандар эл тарабынан айыпталып жаткандар болот.

7- Габондогу төңкөрүшкө байланыштуу Американын позициясына келсек, Аль-Жазиранын 2023-жылдын 30-августундагы санында мындай делет: “Ак үйдүн басма сөз катчысы: "Биз кылдаттык менен байкап жатабыз, эмне болуп жатканы тынчсыздандырат. Биз демократияны колдоого жардам берүү үчүн африкалык өнөктөштөрүбүз жана континенттин эли менен иштөөнү улантабыз", - деди. Бул баракчада АКШнын БУУдагы өкүлү Линда Томас Гринленфельддин ушул билдирүүсү келтирилген: “Кошмо Штаттар

Габондогу төңкөрүштү жана аскерлердин бийликти күч менен басып алуу аракетин айыптайт. Габондогу төңкөрүшкө байланыштуу Коопсуздук Кеңешинин мүчөлөрү менен консультация жүрүп жатат жана биз эмне болуп жатканын текшермейинче чара көрбөйбүз”. Америкалык аскер кызматкери Аль-Жазирага мындай деди: "Америка администрациясы Габондогу окуялардан кабардар жана кылдаттык менен көзөмөлдөп турат жана анын Габондогу элчилигин коргоо милдети жүктөлгөн күчтөрдөн башка ал жерде аскерий позициясы жок". Бул тууралуу АКШнын Мамлекеттик департаментинин өкүлү Мэттью Миллер мындай деди: “Америка Кошмо Штаттары Габондогу окуялардын өнүгүшүнө абдан тынчсызданып жатат жана биз бийликти аскерий түрдө басып алууга же конституцияга каршы жол аркылуу өткөрүп берүүгө катуу каршыбыз”. (BBC, 30.08.2023). Бул Американын Нигерге карата позициясынан айырмаланып турат, аны биз 2023-жылдын 15-августунда жарыяланган суроо-жоопто кеңири айтканбыз. Франция бардык саясий, экономикалык жана аскерий чөйрөлөрүн башкарып турган Габондогу реалдуулукка Америка ушул кезге чейин кире алган эмес. Бул 2010-жылдагы төңкөрүштөн кийин Мухамед Базум жана анын мурунку президенти Мухамед Иссуфу аркылуу кире алган Нигердегиден айырмаланып турат. Габондогу төңкөрүштүн лидери Нгема Американын таасиринен алыс, Марокконун Мекнес шаарындагы аскердик колледжди бүтүргөн. Ал маркум президент Умар Бонгонун атайын кеңешчиси болуп иштөөгө кайтып келген жана бийликтен кулатылган президент Али Бонго менен аталаш бир туугандар. Бирок, оппозиция жана анын талапкери да Американын тарапташы же малайындай көрүнбөйт. Тескерисинче, Америка оппозициянын талапкери Альберт Ондо Осаны колдой турганын жарыялаган жок, тескерисинче, демократияны колдоону талап кылып, төңкөрүштү катуу айыптады.

Африка жана Азиядагы бардык көз каранды өлкөлөр сыяктуу Габондо да демократияга, эркиндикке, улутчулдукка жана мекенчилдикке чакырып

сайрагандар, бийликке жетүү же бийликте калуу үчүн колонизатор өлкөлөрдүн кызыкчылыктарын камсыздаган малайлар экенин көрүп жатабыз. Алар колонизатордун малайлары экенине, колонизатор өлкөлөрдүн компаниялары алардын өлкөлөрүнүн байлыктарын талап-тоногонуна маани беришпейт жана алар өз өлкөсүнүн байлыгын талап-тоногон бул компаниялардан алган ит жемине компойушуп, бул колонизаторлор компаниялар алардын элин жакырчылыкка, ачкачылыкка жана ооруга дуушар кылып таштап кеткенине ыраазы. Тескерисинче, алардын ысырапкорчулугун айынан бат эле бошоп калган бюджетти толтуруу үчүн жарандарына салык салууга өтүшөт. Эл үчүн Габондогу жана башка жерлердеги бул колонизаторлордун малайларын кулатуудан жана аларды саясий чөйрөлөрдөн жана бардык чөйрөлөрдөн бүтүндөй шыпырып салуудан башка эч кандай кутулуу жок. Ошондо ааламдын Жаратуучусу болгон кудуреттүү Аллахка чын ыкластан ыйман келтирип, Анын мыйзамын акыйкат жана адилет туура колдонгон Халифалыктын саясында гана Габон калкы жана акыйкаттын, хидаяттын, ырайымдын дини болгон Исламдын көлөкөсүн издеген башка элдер да коопсуздукта, тынчтыкта, бейкутчулукта, жакшылыкта жашашат.

﴿يَا أَيُّهَا النَّاسُ قَدْ جَاءَتْكُمْ مَوْعِظَةٌ مِنْ رَبِّكُمْ وَشِفَاءٌ لِمَا فِي الصُّدُورِ وَهُدًى وَرَحْمَةٌ لِلْمُؤْمِنِينَ﴾

«Эй инсандар, силерге Раббиңерден насаат, дилиңердеги нерселерге шыфаа жана муминдер үчүн хидаят жана рахмат келди» [10:57]

**20-сафар, 1445-х.**

**5-сентябрь, 2023-ж.**

## Гамбиядагы саясий абал тууралуу суроого жооп

**Суроо:** *Хизб башка мусулмандардын көйгөйлөрүнө көңүл бургандай Африкадагы мусулмандардын да көйгөйүнө көңүл бурушун каалайт элем. Башка жерде бир окуя болсо, ага бир же эки күндүн аралыгында чечим берилет. Бирок, мисалы, Гамбиядагы окуяга эки айдын жүзү болсо дагы ага чечим бериле элек. Гамбиядагы окуяларды ачыктап беришиңизди өтүнөм:*

*Батыш Африка өлкөлөрү Гамбиянын жаңы президенти Адам Барроуну эмнеге колдоого алышты? Бийликтен четтетүү үчүн мурунку президентке эмнеге басым өткөрүштү? Анын эл аралык кылмыш соту системасынан чыкканы үчүнбү, же Гамбияны Ислам жумурияты деп атагандыгы үчүнбү? Булардын ортосунда байланыш барбы? Айрыкча, жаңы шайланган президент 2017-жылы 28-январда борбор калаа Банжулда берген пресс-конференциясында «Бардык убадаларын аткарарын, анын ичинде, мурунку президент Яхя Жааме эл аралык кылмыш соту системасынан өлкөнү чыгарып салган токтомун жокко чыгарып, өлкөнү кайра эл аралык кылмыш соту системасына киргизерин убада кылды». Ал дагы мындай ниетин билдирди: «Гамбия Ислам жумурияты аталышын өзгөртүп, конституциялык реформа алкагында Гамбия жумурияты деп аталарын да убада кылды». (Ал-Жазира, 2017-жыл, 29-январь)*

**Жооп:** Хизб-ут-Тахрир мабдасы Ислам болгон саясий партия. Мусулмандардын бардык көйгөйү анын да көйгөйү болуп саналат. Зарылдыкка карай бирөөнү эрте, бирөөнү кеч чыгарышы көйгөйгө көңүл бурбай койгонду билдирбейт. Хизбдин фикраты жана тарыйкаты боюнча, бардык мусулмандардын бардык көйгөйү биринчи кезекте Хизбдин да көйгөйү болуп саналат. Баарыбызга Аллах жардамчы. Суроого жооп берүүгө өтсөк:

Гамбиянын Исламга киргендеги мезгили жана анын айланасындагы эл аралык күрөшкө назар салып чыгуу менен жооп айкын болот:

1 – Гамбия анын эли Исламга киргенден бери ал исламий өлкө болуп саналат. Мусулмандар андагы калктын 95%ын түзөт. Тактап айтканда, алардын саны эки миллионго жакын. Гамбия Британия тарабынан колония кылынып алынган жана 1965-жылы ага «эгемендүүлүгүн» берип жана Британия шериктештигине кошуп койгон. Гамбиядагы бийликти Британия королдугуна ээрчиме монархиялык негизде кылган жана Дауд Жаваранын өкмөт башчы кылып дайындаган. 1970-жылы Гамбияны республика кылып

жарыялап, Дауд Жаваранын тунгуч президент кылып дайындаган. Британиянын бул иш чарасы Африка өлкөлөрүнө карата Америка эгемендүүлүк берүү чүмбөтү менен чабуул кылган мезгилине туура келди. Американын эгемендүүлүк берүү чабуулу мезгилинде Британия ушундай эле иш чараны Ливияда да кылды. Британия 1969-жылы 26 жаштагы Муаммар Каддафи жетектеген «ак төңкөрүш» аркылуу, өз малайы болгон Ливиядагы монархиялык бийликти оодарып таштап, аны республика (жумухурия) кылып жарыялады. Муну менен Американын Ливияны алып коюу аракетин ийгиликсиздикке учуратты. Мына ушундайча, Британия үчүн бийликтин формасы же өлкөнүн аталышы өзгөрүшү маанилүү эмес. Ага маанилүү нерсе, ал өз таасирин жана колониясын сактап калуусу.

2 – Өткөн кылымдын акыр чендеринде Гамбия Американын үстөкө-босток кысымында калды. Британия 1994-жылы 22-июлда, Гамбия респбуликасын 30 жылдан бери башкарып келе жаткан Дауд Жаваранын, 29 жаштагы Яхя Жааме жетектеген топ төңкөрүш аркылуу бийликтен кулатты. Муну Британия Гамбияда таасирин сактап калуу үчүн кылды. Ливия Каддафинин мезгилинде Гамбиянын аскерлерин машыгуудан өткөрүп турган. Британия Африкадагы малайларын сактап туруу үчүн Каддафини колдонуп келген. Мунун алкагында Каддафи либертардык (күч колдонууну жектеген) билдирүүлөрдү бере баштады. Каддафи колонизаторлукка каршы ошол билдирүүлөрүндө кээ бир исламий жана арабчылык сөздөрүн кошуп сүйлөп жатты. Ошол эле учурда, Исламдан алыс болгон Британия пландарын да ишке ашырып жатты. 2013-жылы Яхя Жааме Британия шериктештиги уюмунан чыккандыгын жарыя кылды. Британия шериктештиги уюмун «жаңыча колонияга ылайыкташтыруу», «өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө Батыш үстөмдүгүн милдеттендире турган план» деп сыпаттады. Англис тилин расмий тил макамынан алып салды. Араб тилин расмий тил кылып жарыялады. Анан ал: «300 жыл аралыгындагы Британия колонизаторлугу бизге «Кудай падышалыгын сактоону» кантип ырдаштан башканы үйрөткөн

жок», - деди. 2015-жылы Гамбияны Ислам жумурияты кылып жарыялады. 2015-жыл 11-дакбрда мамлекеттик расмий телеканалга берген маегинде мындай деди: «Диний баалуулуктар менен бирге Гамбия исламий жумурият болуп жарыяланат». Ал дагы өлкөнүн басымдуу калкы мусулман экенине токтолуп «өлкө колонизаторлук мурасын улантуусу мүмкүн эмес» деди. Ошондой эле, ал колонизатор Британия өлкөнүн башмыйзамын илманийлик негизде түзүп, ал аркылуу жүздөгөн жылдар бою өлкөнү колония кылып келгенине токтолуп, ошондуктан, Гамбияны ислам республикасы кылып жарыялаганын билдирди. Бирок, Гамбиядагы бул өзгөртүүлөр – Исламды турмушта толук ишке ашыра турган өзгөрүүгө алып келген жок. Болгону, мамлекеттин аталышын гана өзгөртүү болду. (Гамбия кошунасы болгон Мавританиянын ислам республикасы деп жарыяланышы сыяктуу болду. Чындыгында, Мавритания да Исламды эмес, колонизатор Европанын светтик түзүмүн ишке ашырат). Яхя Жааменин бийлиги катуу сынга кабылып, Америка аны кулатууга аракет кылып жаткандыктан, ал элдин көпчүлүк бөлүгү Исламга ыктагандыгы туйгусунан пайдаланып, элдин колдоосуна ээ болуу жана бийлигин чыңдоо максатында ушундай кылды. Элдин исламга ыктагандыгын далили – Гамбия жашоочуларынын көпчүлүгү «кийин колонизатордун сөзүн сүйлөгөн өзүнчө бир муун пайда болуп калбасын» деп, балдарын англис мектептерине бербей коюшту. Мектеп программаларына Исламий таалим предметтери киргизилишин шарт кылышты. Бирок, ушулардын баарына карабастан, Британия таасири дагы эле уланууда. Британия өлкөдөгү малайлары аркылуу түздөн-түз же парда артынан иш тизгинин колунда кармап келүүдө. Гамбиянын ислам республикасы деп атынын өзгөртүлүшү Британиянын ал жердеги таасирине эч кандай доо кетирбеди. Американын кысымына карабастан, Британия Гамбияда өз малайынын кадыр-баркын сактап келүүдө.

3 – 2014-жылы 30-декабрда Яхя Жаамеге каршы төңкөрүш аракети болду. Ал өлкөнүн сыртында жүргөндө анын резиденциясына чабуул

кылынды. Бул төңкөрүш аракетинин артында Америка турду. Бул нерсе акылы жетик адамга ачык эле көрүнүп турат. Төңкөрүштү Американын Техас штатынын тургуну ишкер Черно Нджиени жетектеди. Төңкөрүш ийгиликсиздикке учурагандан кийин, аны менен бирге дагы үч америкалык жаранга Америкада жеңил жаза берилди. Бизнесмен Черно Нджиеге бир жыл жаза мөөнөтү берилди. Бул төртөө тууралуу Америка юстиция министири Эндрю Люгер мындай деди: «Бул төрт адам биздин сырткы саясатыбызды коргоо максатында мыйзам бузушкан. Америкалык жарандар, өлкөнүн ичинде же сыртында болбосун айырмасы жок, бардыгы бирдей». (Рейтер, 2016-жыл 13-май) Америка теги гамбиялык болгон төрт жаранынын бул аракетин билбегендей түр көрсөтүп, акыйкатты жашырды жана аларга жеңил желпи өкүм чыгарды. Эгер төңкөрүш ийгиликке жеткенде, аларды албетте колдоого алмак. Лекин, бул төрт жаранына жумшак жаза берүү менен Американын абийири ачылып калды.

4 – Мына ушундайча, Америка башка аймактардагыдай эле, Батыш Африка аймактарында Европанын таасирин сүрүп чыгарыш максатында чабуулдарды кылды. Америка бул чабуулунда, бул өлкөлөрдү адам уктары жаатында кара тизмеге кирип калышы менен коркутту. Акыйкатта болсо, Америка адам укуктары жаатында арзырлык деле иш кылбайт. Америка Гамбиядан Британиянын таасирин сүрүп чыгарып, анын ордуна өз таасирин киргизүү максатында. Бул шылтоосун Яхя Жаамеге карата катуу колдонду. Американын бул чабуулу таасирдүү деңгээлде болду. Европа Американын бул аракетин бууп салуу максатында, ага каршы чабуул кылды. Евросоюз ушул эле шылтоо («адам укуктары жаатында кара тизмеге кириши») аркылуу Гамбияга жардам көргөздү. Британия демократия аты менен малайларын алмаштыруу аркылуу Американын аракетин ойрон кылууну каалады. Бул («демократия») ыкмасы Батыш мамлекеттери үчүн биринин таасирин бири сүрүп чыгарууда, башка мамлекеттин ички иштерине аралашууда колдоно турган негизги шылтоосу болуп калган. Эскерте кетчү нерсе, Гамбия

башмыйзамында ар беш жылда шайлоо өткөрүү жазылган. Шайлоолордо Дауд Жавара жана анын «Элдик өнүгүү» партиясы дайыма утуп келген. Ал партия Гамбиянын саясий чөйрөсүн жетектейт. Тактап айтканда, Гамбиянын саясий элитасы Британия таалимин алган жарандар. О.э. Яхя Жааме да 22 жыл бою шайлоолордо дайыма жеңишке жетишип келди. 2016-жылы 2-декабрда президенттик шайлоодо Яхя Жааме атаандашы Адам Бароунун жеңгендигин жарыялады. Адам Бароу Британиядан өз өлкөсү Гамбияга 2006-жылы кайтып келген. Кыймылсыз мүлк компаниясын негиздеген жана аны азыр да жетектейт. Адам Бароу башынан аягына чейин англистерге байланган адам.

5 – Яхя Жааме өлкөнүн расмий телеканалына берген маегинде шайлоодо жеңилгендигин мойнуна алып мындай деди: «Гамбиялыктар менин кетишимди каалашты жана өлкө жетекчилигин башка адамга берүүгө добуш беришти». Атаандашы менен телефон аркылуу сүйлөшүп: «Сен, эл шайлаган Гамбиянын президентисиң, сага ийгилик каалайм», - деди. Бирок, шайлоону кайра карап чыгуу боюнча түзүлгөн комиссия атаандаштар ортосундагы айырмачылык 60 миңден 20 миңге кыскарары тууралуу жарыялаганда, Яхя Жааме мурунку позициясынан кайтты. Ал мындай деди: «Биз шайлоого кайрадан барышыбыз керек. Анткени, мен ар бир гамбиялык эч бир чет элдик таасирге моюн сунбаган нейтралдуу, эч кимге көз карандысыз комитеттин алдында добуш беришин каалайм». Мурдараак Яхя Жааме мансабын атаандашына өткөрүп берүү тууралуу келишим болгон шекилдүү. Бирок, ал Британияны канааттандыра алууга мүмкүнчүлүгүм бар деп, дагы бир мөөнөткө калгысы келди! Бирок, европалыктар, айрыкча, Британия анын дагы бир мөөнөткө калышы коркунуч жаратып, Америка Гамбияны өзүнөн тартып алат деп билди. Америка Гамбия президенти Яхя Жааменин шайлоо жыйынтыгын тан албастыгын 2016-жылы 10-декабрда тышкы иштер министирлигин катчысы Марк Тонер аркылуу сынга алды. Ал мындай деди: «Жааменин позициясы Гамбия элинин ишенимин бузууга жана

ачык айрым өткөн шайлоо жыйынтыктарына элдин ишенбөөчүлүгүн пайда кылууга болгон аракет. Яхя Жааме бийликте мыйзамсыз калууну көздөп жатат». Ошондуктан, Британия бул шылтоо Америка үчүн Гамбия ишине аралашууга күчтүү шылтоо болуп калат деп, Яхянын бийликте калуусун четке какты. Ишти Батыш Африка (ЭКОВАС) өлкөлөрүнүн токтому аркылуу чечти. ЭКОВАС (Батыш Африка өлкөлөрүнүн экономикалык биримдиги) Европанын малайы. Айрыкча, аймакка таасир өткөрүүчү Британия жана Франциянын малайы. Коргоо Кеңешинин туруктуу эмес мүчөсү Сенегал 2017-жылы 19-январда Коргоо Кеңешинин туруктуу мүчөлөрү болгон Британия жана Франциянын колдоосу менен, Гамбия ишине аралашууну колдогон токтомду алга сүрдү. Америка буга жок дей албады. Анткени, ал Яхя Жаамеге каршы оппозицияны жетектеп жаткан эле. Ал Гамбия ишине аралашуу ыкмасын да издеп жатат. Ошондуктан 2017-жылы 19-январда бир добуштан Коргоо Кеңешинин токтому кабыл алынды. Коргоо Кеңешинин токтому: «Батыш Африка өлкөлөрү Гамбия элинин кызыкчылыгын урматтоо жана аны кепилдикке алуулары менен, биринчи кезекте саясий ыкмалар ишке салынышын толук колдоого алат». Тактап айтканда, Гамбия маселесин чечүү үчүн биринчи кезекте саясий ыкмалар ишке салынат, эгер ал ийгиликсиздикке учураса, аскерий ыкмалар ишке салынат.

6 – Гамбия иши ушундайча чечилди. Адам Бароу Сенегалдын резиденциясында 2016-жылы 15-декбрда ант ичти. Кийин Гамбиянын Сенегалдагы элчиканасында 2017-жылы 19-январда ант ичти. Сенегал, Нигерия жана Гана кургактык күчтөрүн Гамбиянын чек арасын көздөй жөнөттү. Ошол эле маалда, Яхя Жааме мансабын таштап, өлкөдөн чыгып кетиши үчүн ыкмаларды ишке салышты. Батыш Африка өлкөлөрү Яхя Жаамеге 2017-жылы 20-январга чейин мансабын таштап өлкөдөн чыгып кеткенге мөөнөт беришти. Бул өлкөлөрдүн жетекчилери аскерий кубатты иштетпестен, бийликти тынч жол менен тапшырып берүүсү үчүн Жаамеге акыркы мөөнөтүн берүү үчүн Гамбиянын борбор калаасына барышты. Ошол

эле күнү Гамбиянын аскерий жетекчилиги «Адам Бароуну жаңы өлкө башчысы катары тан аларын жана Яхя Жаамени болсо мөөнөтү аяктаган өлкө башчы катары тан аларын» жарыя кылды. 2017-жылы 21-январда Яхя Жааме мансабынан баш тартууга жана өлкөдөн чыгып кетүү чечимин кабыл алууга мажбур болду. Анткени, анын алдында ичтен да, сырттан да колдой турган күч калбады. Жааме мансабынан баш тартып, өлкөдөн чыгып кетүү чечимин кабыл алгандан кийин, БУУ, Африка биримдиги, Батыш Африка экономикалык биримдиги анын өлкөгө кайтып келүү укугун кепилдикке алуу менен, Гамбияга каратылган аскерий иш чаранын токтотулгандыгын жарыялашты. Экватордук Гвинея өкмөтүнүн пресс катчысы Оогио Назий 2017-жылы 24-январда мындай деди: «Экватордук Гвинея Гамбиянын эксмамбашчысы Жаамеге саясий качкын башпаанегин берет». Муну ал Гамбияда куралдуу кагылышуулар жүз бербеши үчүн кабыл алынгандыгын билдирди. («IAP» 2017-жыл 25-январь). Ушуну менен алты жумадан бери созулуп келе жаткан Гамбиядагы саясий кризиске чек коюлду. Ошондой эле, 22 жылдан бери бийлик жүргүзүп келе жаткан Яхя Жаамеден оомат кетти. Бул нерсе Европа таасирин Гамбияда сактап калуу максатында бир малайды экинчи малай менен алмаштыруу оюну болуп калды.

7 – Корутундулап айтканда, Гамбиядагы бул өзгөрүүлөр Яхя Жааменин эл аралык кылмыш соту системасынан баш тарткандыгы үчүн болгон жок. Эл аралык кылмыш соту системасында жок мамлекеттердин саны өтө эле көп, анын ичинде Америка да бар. Ошондой эле, бул өзгөрүүлөр Жааменин Гамбияны Ислам республикасы деп атагандыгы үчүн да болгон жок. Анткени, ислам республикасы аталган мамлекеттердин саны да көп. Батышты коркууга салган бул аталыш эмес, балким, Батышты Ислам толук түрдө турмушта колдонулган Ислам мамлекети коркууга салат. Ал эми маани маңызы жок курулай аталыш аларды кооптондурбайт. Гамбиядагы бул өзгөрүүлөр эл аралык күрөштүн негизинде келип чыкты. Америка ыңгайлуу учур табылышы менен Европаны Африкадан сүрүп чыгып, анын ордуна өзү

колонизатор болуп калгысы келип жатат. Ал ыңгайлуу учурду Яхя Жааменин башкаруу учурунда адам укуктары бузулду деген шылтоо менен Гамбиядан тапкан өңдөнөт. Британия Гамбиядагы малайын башка бир малайы менен алмаштырып койсо Американын Гамбияга кирип бара турган бул аракетин ийгиликсиздикке учуратам деп билди. Анын натыйжасында бир аз убакытка болсо да Гамбиядагы таасиримди сактап калам деп түшүндү.

Гамбия калкы, башка мусулмандардай эле, Ислам өкүмү менен жашоону арзуу кылып, колонизатор кафирлердин светтик түзүмдөрүнөн кутулууну күтүп жатышат. Бул ушундай бир жоопкерчилик болуп, ал үчүн ар бир мусулман Пайгамбар с.а.в. жана сахаабалары – алардан Аллах ыраазы болсун – дүйнөгө рисаалат катары көтөрүп чыккандай, Ислам дааватын көтөрүп чыгууга бар күчүн жумшоолору фарз. Мына ошондо гана Ислам дөөлөтү Халифалык тикеленет жана анын негизинде, акыйкатка карай кадам шилтеген акыйкат менен жүрөт, ал эми батылга карай кадам шилтеген батылы менен кошо жок болот.

***«Ал күнү момундар Аллахтын жардамы себептүү шаттанышат.*** *(Аллах)* ***Өзү каалаган адамына жардам берет. Ал Улуу жана Ырайымдуу»*** [30:4-5]

**3-жумадул-аввал, 1438-х.**

**31-январь, 2017-м.**

**Гвинеядагы абал боюнча**

**Суроо:** *2008-жылы, 23-декабрда Гвинея борбору Конакриде аскерий бөлүмдөрдүн козголоң көтөргөндүгү жарыя кылынды. Бул Гвинея республикасы президенти генерал Ланса Конти көз жмгандыгы жарыя кылынгандан төрт саат өткөндөн кийин жүз берди. Эртеси ыңкылапчылар «өнүгүү жана демократия үчүн улуттук кеңеши» деген кеңеш түзүлгөнүн жарыя кылышты. Биринчи күнү ыңкылапчылардын билдирүүсүн мамлекеттин расмий радиосу аркылуу уктурган капитан Муса Камара бул кеңештин төрагасы болуп дайындалганы жарыя кылынды. Башында бул төңкөрүшкө премьер-министр каршы чыкты. Куралдуу күчтөр*

*командачысы да премьер-министрди колдоду жана ыңкылапчыларды өкмөттүн сөзүн угууга чакырды… Бирок, премьер-министр пикиринен кайтып, үч күнгө жетпестен ыңкылапчыларга моюн сунду!*

*Ко-ош, бул иштин чындыгы эмнеден турат? Бул окуя ыңкылапчылар республика президенти өлүмүнөн пайдаланып ишке ашырган жергиликтүү ишпи? Же регионалдык, же эл аралык окуябы?*

**Жооп:** Жүз берген окуя о.э. бул төңкөрүшкө карата билдирилген эл аралык мамилелер каралып чыкса, Африка үстүндө жүрүп жаткан эл аралык күрөш бул төңкөрүш окуяларынан алыс эместиги (т.а. бул окуяларга алакасы бар экени) аян болот. Буга түшүндүрмө берүү үчүн төмөнкүлөрдү айтабыз:

1. Бул төңкөрүшкө башчылык кылган капитан Муса Камара ыңкылапчылар атынан сүйлөп, ыңкылапчылардын «бийликте эки жылдан көбүрөөк калуу ниетинде эместиктерин, 2010-жылдын акырында өткөрүлө турган президенттик шайлоолоруна чейин калууларын», жарыя кылды. (Британ радиосу 2008-жыл, 24-декабрь). О.э. Муса Камара ыңкылап зарылдыгын талап кылган себептер жөнүндө сүйлөп, мындай дейт: «Республика мекемелери мамлекеттеги кризиске каршы күрөшүүдө алсыздыгын көрсөттү. Ошондуктан, бүгүндөн тартып конституцияга моюн сунуу токтотулат, саясий жана профсоюздардын аракети да токтотулат». Ал кошумчалап, мындай дейт: «Мамлекет катуу үмүтсүздүк абалын башынан өткөрүп жаткандыктан коррупцияны токтотуу жана экономиканы жакшылоо үчүн бирер нерсе кылуу зарылдыгы туулду». Бул болсо ушул мамлекет төңкөрүш алдын ала пландаштырылганына, аны ишке ашыруу пикири президент көз жумгандан төрт сааттан кийин туулбаганына, ал мамлекет президентинин өлүмүнө мамиле билдирүү болбогондугуна далалат кылат. Айрыкча, бул козголоңго башчылык кылган мына ушул капитан көптөгөн козголоңдорго жетекчилик кылганы этибарга алынса (бул козголоңдордун акыркысы ушул жылдын май айында болгон), бул төңкөрүш алдын ала пландаштырылгандыгы аян болот.

2. Эми, билдирилген эл аралык мамилелерга келсек, өзүнүн мурунку колониясы Гвинеяда таасир ээси эсептелген Франция буга биринчи болуп мамиле билдирди. «Франция төңкөрүшкө болгон ар кандай урунууга каршы экенин билдирди». (Британ радиосу 2008-жыл, 23-декабрь). Франция тышкы иштер министрлигинин расмий өкүлү Эрик Шевалье басма сөз конференциясында мындай деди: «Биз конституция урматталбай турган ар кандай абалды ылайыксыз, деп эсептейбиз». Ал кошумчалап: «Мыйзамдуу өкмөт азыр мамлекеттеги абалды көзөмөлдөп тургандыгы көрүнүп турат. Бизде фактылар тастыктабай жаткандыгы көрүнүп турган бир канча даабалар бар». («Ал-Жазира» 2008-жыл, 23-декабрь). Бул билдирүүлөрдөн Франциянын ыңкылапчылар ийгилигинен кабатырга түшүп калгандыгы көрүнүп турат. Ошондуктан, ал ыңкылапчылардын аракетин четке какты жана мындай аракетке каршы турушууну билдирди! Француз гезиттери ыңкылапчыларга чабуул кылып, аларды сындап эле калбастан, балким айрымдары алардын үстүнөн мыскылдап күлдү. Мисалы, «Ле Фигаро» гезити мындай деп жазат: «Конакри шаарынын көчөлөр бойлоп шимшилеп жүргөн Гвинея аскерийлери мамлекет башына эч ким таанybaган, мурун жанылгы бөлүмүнүн башчысы болгон бир «жетекчини» коюшту!».

3. АКШ болсо, Ак үй расмий өкүлү Тони Фрато төмөнкүнү билдирди: «Биз ушул региондогу шериктерибиз менен биргеликте о.э. башка мамлекеттер жана Африка Союзу менен биргеликте Гвинеядагы мекемелерди бийликтин ушул мамлекетте колдон-колго тынч жана демократиялык жол менен өтүшүн бекемдөө үчүн бардык зарыл кадамдарды таштоого кызыктырууга аракет кылабыз». Ал кошумчалап: «Бул регион туруксуз болуп турат, ал өз тарыхында көп абалдарда бийликтин тынч жана демократиялык жол менен колдон-колго өтүшүнүн мындай түрүн көрбөгөнү анык». («Ал-Жазира» 2008-жыл, 23-декабрь). Бул болсо Кошмо Штаттардын бийлик колдон-колго тынч жана демократиялык түрдө өтүшү тарапкери экендиги жөнүндөгү сөздөрү накта-анык жалган экенин көрсөтүп турат.

Себеби, Америка, ошол эле учурда «бул регион бийликтин колдон-колго тынч жана демократиялык ыкмада өткөнүн көрбөгөн», деп жатат! Демек, анда Кошмо Штаттар өз малайларын бийликке алып келүүдө көп колдонгон аскерий төңкөрүштөрдөн башка жол калбайт!

О.э. бул билдирүү Американын жүз берген окуядан ыраазы экенин жана аны тымызын колдоп-кубаттап жатканын да көрсөтүп турат. Бирок, Америка демократия жана тынч каражаттар жөнүндө ооз көбүртүп жатканы себептүү бул ыңкылапчыларды ачык-ашкере колдоп-кубаттай албайт. Белгилүү болгондой, бул иштердин (т.а. демократия тынч каражаттардын) түпкүлүгүндө Америка назарында эч бир баалуулугу жок. Америка бул нерселер өзүнүн кызыкчылыктары үчүн керек болуп калганында гана алар жөнүндө сандырак айта баштайт.

Американын бул төңкөрүшкө ыраазы экенин жана аны тымызын колдоп-кубаттап жатканын америка тышкы иштер министрлигинин расмий өкүлү Роберт Вуд айткан сөздөр тастыктап турат. Ал «Сова» америка радиосуна интервью берип, мындай дейт: «Кошмо Штаттар Гвинеянын дароо жарандык, демократиялык башкарууга кайтышын каалайт. Вашингтон Гвинеяда, ушул баскычта бийликтин колдон-колго өтүшү процессинде бир да жаран (аскерий эмес) адамдын жоктугунан нааразы. Кошмо Штаттар Гвинеядагы ыңкылап жаатында али бирер чечимге келген жок. Кошмо Штаттар азыр бир шайкеш позицияны ээлөөгө аракет кылууда өз союздаштары менен кеңешпей жатат». («Ал-Мухит» гезити 2008-жыл, 25-декабрь). Бул америка расмий өкүлүнүн сөздөрү Американын бул төңкөрүшкө каршы эмесин жана аны тымызын колдоп-кубаттап жатканын көрсөтүп турат. Себеби, ал Америка бул ыңкылаптан нааразы, деп айтпады, балким бийликтин колдон-колго өтүү процессинде бир да жаран (аскерий болбогон) адамдын жоктугунан нааразы, деди. О.э. анын «Кошмо Штаттар али бирер чечимге келген жок», деген сөзү да Американын бул төңкөрүшкө ыраазы экенин, бирок муну ачык жарыя кылуу үчүн ылайыктуу убакытты

күтүп жатканын түшүндүрөт. Эгер, бул төңкөрүш Америка кызыкчылыгына кызмат кылбаганда, дүрбөлөң көтөрүп дүйнөнү бул ыңкылапчыларга каршы тукурмак. Мурун өзүнүн кызыкчылыктарына туура келбеген көптөгөн ыңкылаптарга карата ушундай мамиледе болгон. Мындан тышкары Кошмо Штаттар келерки май айында шайлоолор өткөрүлүшүн талап кылган. («Ал-Жазира» 2008-жыл, 26-декабрь). Бул болсо Американын бул төңкөрүштү тымызын колдоп-кубаттап жатканын даана көрсөтүп турат.

4. Британияга келсек, 2008-жылы, 24-декабрда британ радиосу өзүнүн түшүндүрмөсүндө ушуну билдирди: «Гвинея армиясындагы бөлүнүү – армия жана мамлекеттеги текчил бөлүнүүлөр этибарга алына турган болсо – жаман акыбеттерге алып келиши мүмкүн». Радио минтип кошумчалайт: «Бул бөлүнүүлөр Сьерра-Леоне, Либерия жана Пил Сөөгү Жээги сыяктуу коңшулаш мамлекеттерге өз таасирин өткөрүшү мүмкүн». Дагы ушундай деп кошумча кылды: «Күзөтүүчүлөрдүн дагы баса белгилешинче, Гвинеядагы окуялардын мындай өнүгүүсү батыш Африкадагы абалга таасир кылышы мүмкүндүгүнөн кабатырлануулар бар. Себеби, Либерия, Сьерра-Леоне жана Пил Сөөгү Жээги сыяктуу коңшулаш мамлекеттер эми гана, бир нече жылдык күрөштөрдөн кийин салыштырмалуу туруктуулукка жеткен эле». Британ радиосу бул төңкөрүшкө башчылык кылган кимсе жөнүндө унчукпастан, буга көз жумуп өтүп, шериктеринин ал жөнүндө «ал жөндөмдүү окуучу болбогон», деген гана сөздөрүн келтирди. Бул болсо англистер бул төңкөрүштөн ыраазы эместигин, бул төңкөрүш өздөрүнүн кызыкчылыктарына кызмат кылбашын түшүнүп жатышканын, бул региондо бирер өзгөрүү жүз бере турган болсо бул өзгөрүү Европа таасири кызыкчылыктарына кызмат кылбастыгын түшүнүп жатышканын көрсөтүп турат. Антпесе, англистер бул төңкөрүш жаман акыбеттерге алып келиши мүмкүн жана коңшулаш мамлекеттерге таасир кылышы мүмкүн, деп айтышмак эмес…

5. 2008-жылы, 24-декабрь түнү козголоңчулар башчысы Муса Камара

өзүн мамлекет президенти, деп жарыя кылып, мындай дейт: «Мен өзүбүздүн республика президенти жана демократия жана өнүгүү улуттук кеңеши башчысы экендигимди терең ишеним менен баса белгилемекчимин». Ага премьер-министр Ахмад Тижан Сувари француз эл аралык радиосуна берген интервьюсунда четке кагуу Жоопун берип, өзүнүн өкмөтү дагы деле бар экенин жана өтүү доорунда да бар болуп тураберишин айтат. («Ал-Жазира» 2008-жыл, 25-декабрь). Ушул булактын дагы айтышынча, куралдуу күчтөр башкы штабынын башчысы Дияра Камара козголоңчуларды улуттук коом (парламент) төрагасынын мамлекет убактылуу президенти болушу керектиги көрсөтүлгөн конистиуция принциптерине моюн сунууга көндүрүү үчүн козголоңчулар менен диалог алып барууга аракет кылган. Бул болсо ал жерде бири-бирине карама-каршы же өз ара күрөшүп жаткан эки тарап бар экенин көрсөтөт. Бири Муса Камара башчылыгындагы аскерийлерден турган болсо, экинчиси куралдуу күчтөр командачысы башчылыгындагы тарап о.э. ага кошулган өкмөт жана парламент. Ыңкылапчылар башчысы өзүнүн бийлигин бекемдөө, башка бирөөнүн, мисалы куралдуу күчтөр командачысынын өзүн республика президенти, деп жарыя кылышына жол бербөө о.э. парламент төрагасынын убактылуу президент болуп калышына жол бербөө үчүн өзүн шаша республика президенти, деп жарыя кылды. Ушуну эстетип өтүү керек, көз жумган президент Ланса Конти бийликке 1984-жылы, мурунку президент Ахмад Секотори өлгөндөн бир апта өткөндөн кийин аскерий төңкөрүш аркылуу келген.

6. Жогоруда айтылгандардан төмөнкүлөр аян болот:

Жүз берген окуя бир тараптан Америка, экинчи тараптан болсо Европа (Британия менен Франция, айрыкча Франция) ортосундагы эл аралык күрөш алкагына кирет. Ыңкылапчылар артында Кошмо Штаттар турат жана аларды колдоп-кубаттоодо. Франция жана Британия болсо ыңкылапка каршы. Америка эгер Гвинеяда ийгиликке жетсе бул ыңкылап Франция менен Британия таасирине коркунуч туудурат.

7. Бул мына ушул окуянын эл аралык күрөш алкагында жүз бергендиги жагы.

Эми, премьер-министрдин мурун ыңкылапка каршы чыгып, кийин ыңкылапчылар башчысына моюн сунгандыгына келсек, бул иштин акыйкаты төмөндөгүчө:

а) Ооба, туура, премьер-министр Ахмад Тижан Сувари жана аны бирге 30 министр ыңкылапчыларга моюн сунду. Ахмад Сувари алардын башчысына жан тартып, ага мындай дейт: «Сизге ыраазычылык билдиребиз жана кол астыңызда болобуз». («Ал-Жазира» 2008-жыл, 26-декабрь). Аны мактап даанышман, деп атады. («Си.эн.эн» 2008-жыл, 26-декабрь). Премьер-министр Ахмад Сувари алгач ыңкылапчыларга каршы чыгып, куралдуу күчтөр командачысы Дияра Камара да премьер-министрди колдоп-кубаттап, аны мамлекеттин азыркы өкүлү, деп эсептеген жана козголоңчулардан моюн сунууну талап кылган эле. Премьер-министрдин моюн сунгандыгы ыңкылапчылардын иштер тизгинин өз колдоруна алууга жетишкенин көрсөтөт.

б) Бул бир тараптан, экинчи тараптан болсо бул нерсе Франция менен Британия ыңкылап ийгиликке жеткенин же ушуга жакын болуп калганын, ошондуктан ага каршылык көрсөтүүнүн эч бир пайдасы жоктугун түшүнүп жеткенине, ушул себептен улам ыңкылапчыларга моюн сунууну премьер-министр жана куралдуу күчтөр командачысына тымызын уктуруу акысына Америкадан «майда ушактарды» болсо да кабыл алууну абзел көрүшкөнүнө далалат кылат. Франция менен Британия өздөрүнүн Гвинеядагы айрым кызыкчылыктары сакталып калышы туурасында Америкадан убада алган көрүнөт. Албетте, Американын бул мамлекеттеги кызыкчылыктары биринчи орунда сакталып калат. Премьер-министрдин моюн сунушунун себеби мына ушул.

8. Белгилүү болгондой, Буш өткөн жылдын февраль айындагы акыркы сапарында Африкадагы беш мамлекетке, анын ичинен батыш Африкадагы

айрым мамлекеттерге барган. Бул болсо Американын батыш Африкадан тартып анын чыгышына чейин, түндүгүнөн тартып түштүгүнө чейин болгон бардык мамлекеттерде өз таасирин жаюуга болгон урунушунда батыш Африкага биринчи орунда маани берип жатканын көрсөтөт. Биз Буштун ошол жерге баруудан мурунку билдирүүсүн эстетип өтөбүз. Буш мындай деген эле: «Африка Америка стратегиясы үчүн чындыгынан эле маанилүү. Африкадагы абал Америка коопсуздугунун дал өзүнө түздөн-түз таасир көрсөтөт». (Кытай «Калк» гезити, 2008-жыл, 25-февраль). Демек, Буш Африканы Кошмо Штаттарга карата тагдырий маселе кылып белгиледи. Себеби, ал Африкадагы абалдын Америкага түздөн-түз таасир көрсөтүшүн айтат! Ал муну менен Атлантика океанынын түштүк чыгыш жээгин т.а. батыш Африканы жана анын артындагы чыгышка карай созулган территорияларды Американын ички маселесине, Американын өзүнө таандык жерлерге айландырмакчыдай болуп жатат. Бул кудум «Монро» доктринасына окшойт. Бул доктрина Атлантика океанынын батыш жээгин Кошмо Штаттардын тагдырий маселеси кылып койгон жана бул жээкке кылына турган ар кандай кол салуу Кошмо Штаттарга кылынган түздөн-түз кол салуу, деп эсептей турган болгон. Буштун бул позициясы Монронун европалык атаандаш колонизатор союздаштарына каршы ээлеген позициясына окшойт.

Африкада үлкөн байлыктар, анын ичинен нефть бар. Себеби, Африкада нефтинин чоң запастары бар. Муну көрүп Батыш колонизаторлору «чоң агасынын» оозунан шилекейи агууда! «Ал-Ахром»дун 2007-жылы, 16-июндагы эл аралык отчётуна ылайык, америка улуттук алакалар кеңеши Гвинея жээги Кошмо Штаттарга жеткирип бериле турган нефтинин 2020-жылга келип 24-25%га жакынын жеткирип берүү милдетин аткарышын божомолдоодо. О.э. Африка эл аралык саясат борборунун прогнозуна ылайык, Гвинея жээгиндеги нефтиден келе турган киреше эгер бир баррель нефть баасы 50 доллардан жогору тура берсе, 2020-жылга келип триллион

долларга жетиши мүмкүн! Гвинея алюминий алына турган боксит рудасынын дүйнөдөгү эң чоң экспортёру. О.э. Гвинея Атлантика Океанынын жээгиндеги стратегиялык жактан маанилүү орунда жайгашкан. Ошондуктан, ал жерден энергия булактарын Америкага ташып кетүү тезирээк жана коопсуз болот. Себеби, бул регион Америка жана Батыш колонизаторлору чеңгелинен чыгып, өз мусулман калкы колуна кайтышы менен коркунуч туудуруп жаткан Ортоңку Чыгыш регионунан көрө коопсуз о.э. бул жерден байлыктарды ташып кетүү арзан түшөт. Себеби, бул жер аралыкка салыштырмалуу Америкага жакын. Ошондуктан, бул регион эгер Америка анын үстүнөн өз көзөмөлүн орнотсо, келечекте көптөгөн Африка мамлекеттеринен нефтини ташып кетүү жайы болууга талапкер.

**29-зул-хижжа, 1429-х.**

**26-декабрь, 2008-м.**

## Германия жана Улуттук коопсуздук стратегиясы

**Суроо:** ***Германия өкмөтү Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин алгачкы жолу Улуттук коопсуздук стратегиясын жарыялады. Бул стратегия Германиянын түрдүү мекемелеринде бир жылдан ашык убакыттан бери талкууланып, акыры 2023-жылдын 14-июнунда жарыяланды. Аталган стратегия Экинчи дүйнөлүк согушта жеңилгенден кийин Германияга киргизилген чектөөнүн аякташын түшүндүрөбү? Бул стратегиянын кабыл алынышынын артынан Европада жана эл аралык саясатта Германиядан эмнелер күтүлөт?***

**Жооп:** Германия Экинчи дүйнөлүк согушта жеңилгенден кийин төрткө бөлүнүп, ар бир бөлүгү жеңип чыккан ири мамлекеттерге (АКШ, СССР, Англия, Франция) бөлүштүрүлдү. Андан кийин үч Батыш өлкөсү биригип Батыш Германияны, Орусия Чыгыш Германияны түптөдү. Ошентип, Германиянын батыш бөлүгү Америкага, чыгыш бөлүгү СССРге көз каранды мамлекет катары иш алып барды. Чыгыш Германиянын батыш тарабында СССРдин, Батыш Германиянын чыгыш тарабында Американын аскерий

базасы жайгаштырылып, ишке салынды. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки абал ушундай эле... Бирок, бул абал аста-секин өзгөрдү:

1. Айрым расмий маселелерди эске албаганда, эки Германия тең өз лагериндеги лидеринен көз карандысыз саясат жүргүзгөн эмес. Советтер Союзу алсырап, 1990-жылы эки Германиянын биригүүсүн кабыл алганга чейин, тагыраагы, Москва Батыштын пайдасына Чыгыш Германиядан баш тартканга чейин абал ушундай болгон. 1992-жылы Европа Биримдиги Америкага каршы “Маастрихт” келишимин түзүштү жана 1991-жылы СССР таркап, Орусия ички көйгөйлөрү менен алек болуп калды. Ушундан кийин Германиянын Европадагы эң күчтүү экономикага айланышына мүмкүнчүлүк ачылды. Немистер эл аралык абалдын өзгөргөнүн көрдү жана экономикалык багытты Германиянын көз карандысыздыгынын негизги тиреги катары аныктап алды. Мындан улам, коргонуу саясатын минималдуу көрсөткүчтө алып барды. Муну менен Германия Англия жана Франция сыяктуу Европа күчтөрүн жана Орусия, АКШ сыяктуу эл аралык күчтөрдү провакация кылбоону көздөдү. Экономикалык жактан Европа күчтөрү менен атаандаша турган күчкө айланды.

2. Өнөр жай жана экономикалык ийгилиги, Орусия менен соода алакасын кеңейтүүсү Германияны Европада экономикалык лидерге айлантты. 2010-жылы Грекия кризисинде болгондой, Германиянын бул лидерлиги Европага таңууланган учурлар да болду. Жалпысынан Европанын тышкы саясатында Германиясыз маанилүү экономикалык маселеге кол коюу мүмкүн болбой калды. Бул өзгөчө Франция үчүн жагымсыз болду. Ошентсе да Франция немис армиясынын алсыздыгы себептүү эки өлкө атаандаштык алкагында бара жатат деген түшүнүктө калды. Бул учурда Германия коопсуздук маселеси жөнүндөгү көз карашы тууралуу “Ак Китептерди” жарыялаган. Анын алгачкысы 1969-жылы, акыркысы 2016-жылы чыккан. Анда коопсуздук тууралуу, терроризмге каршы күрөшкө Бириккен Улуттар Уюму аркылуу катышуу каалоосу айтылды. Орусия 2014-жылы Крымды

Украинадан тартып алганда Германия бул баскынчылыкка катуу каршы туруп, Батыштын Орусияга салган санкцияларына кошулду. Бирок, Германиянын Орусия менен болгон соода кызыкчылыктары Орусияга каршы кандайдыр бир иштерди жасоосуна тоскоолдук кылды. Орусиянын Крымды басып алышы Европанын коопсуздук балансын бузса да, Германиянын Минск келишимине катышуусу немистерге Орусия коркунучун басаңдатууга үмүт берди. Немистер Орусиянын Украин өкмөтүнө каршы тутанткан согушу, орус жикчилдерин колдоосу Донбасс менен Крым чек араларында токтойт деп үмүттөнүштү.

3. Бирок, Орусиянын 2022-жылы Украинага бастырып кирүүсү АКШ түзгөн эл аралык коопсуздуктун негизине жарака түшүрдү. АКШ Европа жана эл аралык күчтөрдү Орусияга карата айтып келген бул айыптоолорго ынандырды. Бул, өз кезегинде ансыз да күчтүү экономикасы бар Германия үчүн аскерий негизди түзүүсүнө алтын мүмкүнчүлүк берди. Себеби, Америка Кытайдын таасирин токтотууга даяр болуу үчүн Европанын Орусияга каршы туруусун каалады. Натыйжада, Германия анын аскерий державага айлануусуна эл аралык майдан ачылганын көрдү. Германия Орусия менен соода алакасын үзүп, коопсуздукту коргоо жана армияны колдоп, өнүктүрүү үчүн 100 млрд евролук үлкөн каржы фондун түзгөнүн билдирди. Украинадагы согушту бурулуш чекити деп жарыялады. А түгүл, анын аскер күчтөрү Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки чектөөлөрдөн кутулганына белги катары бир катар согуштук учактарын Тынч океанына жиберди. Муну менен немис калкында улуулук туйгусун ойготту. Германия Украина жана Чыгыш Европадагы өзгөчө жоопкерчилиги тууралуу билдирди. Германияда Орусиянын Украина чек арасында токтоп калбай турган империалисттик амбициясына каршы турууга даяр болуу тууралуу талкуулар күчөдү.

4. Шульцтун өкмөтү 14-июнда Улуттук коопсуздук стратегиясын жарыялоо учурунда немис калкы бул стратегия үстүндө консенсуска келгенине басым жасады. Ошондуктан, Улуттук коопсуздук стратегиясын

ачыктоо учурунда коалициядагы “Жашылдар” партиясы менен “Эркин демократ” партиясынын жетекчилери канцлер Шульц (Социал-демократ) партиясы менен бирге турушту. Ал эми, оппозициялык партиялар бул стратегияда күмөндүү жагдайлар бар деген негизде өкмөткө бир катар сындарды айтты. Ошентсе да, бул көрүнүш Германиядагы өзгөрүүнүн олуттуулугун жана Германиянын Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин ондогон жылдар бою чектөө астында турган аскерий жана коопсуздук тармагы жаңы тепкичке көтөрүлгөнүн көрсөтөт.

5. Германия канцлери Шульцтун билдирүүсү да немис саясатындагы жаңы өзгөрүүлөрдү ачыктап турат. Ал тездик менен өзгөрүп жаткан шарттарда герман өкмөтү жарыялаган Улуттук коопсуздук стратегиясы жарандардын коопсуздугун коргоого маанилүү салым кошорун белгиледи. Социал-демократ саясатчы бул стратегияны жактап, өкмөт адаттан тыш жана маанилүү чечим кабыл алганын айтты. Шульц Орусиянын Украинага кол салуусу жана Кытай өкмөтүнүн барган сайын агрессивдүү кадамы каршысында Германиянын коопсуздук жана саясаты да олуттуу өзгөргөнүн ачыктады. Шульц мамлекеттин негизги милдети жарандардын коопсуздугун камсыздоо экенин билдирди. Ал бул милдетти коопсуздук стратегиясы аркылуу гана аткаруу мүмкүн экенин белгиледи. “Мурун немис өкмөтүнүн коопсуздук саясаты чектелген болсо, мындан ары бүтүн жана комплекстүү түрдө уланат”, - деди Шульц. (14.06.23, “Deutsche Welle”).

6. Германиянын Улуттук коопсуздук стратегиясы тууралуу документ өкмөттүн жарандардын коопсуздугун камсыздоодо жетекчилик кыла турган принциптерден турат. Экинчи дүйнөлүк согуштан бери алгачкы жолу кабыл алынып жаткан документте орун албаган, бирок, маанилүү маселелердин бири – немис армиясы коопсуздук коркунучуна каршы коргонуу милдетин жүргүзүүсү жана комплекстүүлүгү. Тагыраагы, чабуулду да камтыган ишке өтүүсү. Бул Европадагы чоң жана кооптуу өзгөрүү. Стратегиялык документ немис армиясын комплекстүү жана тез арада өнүктүрүүнү пландоодо.

Германия НАТОнун 2014-жылы пландаган ИДПнын кеминде эки пайызын армия жана коопсуздукка жумшоо чечимин кармана турганын белгилеп, коргонуу үчүн башка министрликтердин бюджетин азайтууга даярданууда. Бул, өз кезегинде Германиянын бакубатчылыгы төмөндөшүнө маанилүү таасирин тийгизет. Каржы министри Кристиан Линднер Германия ондогон жылдар бою тынчтык аркылуу бакубат жашоого жетишкенин билдирди. Бул болсо, ал коргонуу маселесине көңүл буруууга анчалык кызыкдар болбогонун түшүндүрөт. Каржы министри Берлинде Улуттук коопсуздук стратегиясы ачыкталып жатканда сүйлөгөн сөзүндө: “Бул бюджеттеги үлүштөр туруктуу түрдө өзгөрүүгө дуушар болорун билдирет”, - деди. (16.06.23, “Deutsche Welle”)

7. Бул документ Германия өкмөтүнүн тобокелдик анализине байланыштуу көз карашын да билдирет. Өкмөттүн айтышынча, Орус армиясы б.а Орусиянын Украинага кол салышы тышкы коркунучтардын башкы катарында турат. Шульцтун билдирүүсүндө келгендей, “Кытайдын барган сайын агрессивдүү көрүнүшү”, Кытайдын таасиринин артышы жана Батышта анын режимине каршы туруу андан кийинки коркунуч болуп эсептелет. Документ кибер коопсуздук, Германиянын өнөр жайына тийгизген коркунучтар жана климаттын өзгөрүшү сыяктуу ички тобокелдиктерди да камтыган. Бул маселелер сырттан келген коркунучка түздөн-түз байланыштуу болсо да. Анткени, Орусия Батыш өлкөлөрүнө кибер чабуулдарды жасаган деп айыпталып келет. Ошондой эле, документте климаттын өзгөрүшүндөгү тобокелдиктерди азайтуу боюнча эл аралык координациялык иштерге да орун берилген. Демек, Германиянын бул Улуттук коопсуздук стратегиясы Германиядагы саясий чөйрөдө айрым күмөн жана бүдөмүктөр дагы бар экенине карабастан, Германиянын тышкы саясаты бир тепкичтен экинчи тепкичке өткөнүн билдирет.

8. Германия өз армиясын күчтөндүрүп, аны өнүктүрүү үчүн эбегейсиз каражат бөлүү жана чет өлкөлөрдө чабуул жасоочу аскерий операцияларды

өткөрүү үчүн эшиктерди ачуу менен Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин ага таңууланган аскердик чектөөлөрдөн жана аскердик басымдан кутула алат. Башкача айтканда, ал басымдар тарыхта калган болот. Бул болсо, Франция менен Германиянын ортосундагы негизги айырмачылыктар бар экенин, учурда бул айырма ачык-айкын көрүнүп калганын билдирет. Өзөктүк куралды жайылтпоо келишимине кол койгон Германия өзөктүк куралсыз статусун карманса да, 1990-жылы Чыгыш жана Батыш Германия бириккен учурда ири төрт держава менен кол койгон "Германияга карата акыркы жөнгө салуу келишиминде" буга басым жасалса да, бул терең өзгөрүү немис армиясын күчтөндүрүүнү жана аскер санын көбөйтүүнү талап кылат. Чындыгында, бул жогоруда айтылган “Германияга карата акыркы жөнгө салуу келишимине” карама-каршы келет. Ал келишимде немис армиясынын максималдуу чеги 370 000 аскер деп белгиленген. Бирок, Америка Британия менен биргеликте Германияга Орусияга каршы жаңы ролду берди, бул жагдай Германиянын жогорудагы келишимден чыгуусуна шарт жаратат. О.э Орусиянын немис аскердик күчүнө жасаган кысымынан да кутулат. Ал эми, Францияга келсек, анын позициясы Америка жана Англиянын Германияны аскердик жактан күчтөндүрүү аракеттеринин каршысында алсыз сыяктанат. А түгүл, күндөн-күнгө күчөп бара жаткан немис-француз келишпестиги бүткүл Евробиримдиктин бузулушуна алып келиши мүмкүн. Муну Америка да, Британия да кубануу менен кабыл алат.

9. Франциянын кооптонууларын, айрыкча, Германиянын аскерий өнүгүүсү тууралуу кооптонууларын азайтуу үчүн Германиянын Улуттук коопсуздук стратегиясында Германия Европа Биримдигинин бир бөлүгү экендиги жөнүндө айтылат: «Стратегияда өкмөт Европа деңгээлинде технологиялык коргонууну күчөтүү, тыңчылыкка, саботажга жана киберчабуулдарга каршы күрөштү күчөтүү, Евробиримдик ичинде курал-жарак экспортун көзөмөлдөөнү координациялоо зарылдыгы сыяктуу бир катар максаттарды атап өткөн». (16.06.23, “Deutsche Welle”). Бирок, бул,

башка тараптан, Европа үчүн стратегиялар Берлинден чыгарыла баштаганын көрсөтөт. Муну көргөн Парижде дагы башка кооптонуулар пайда болууда. Мындан тышкары, Германия Европанын абадан коргонуу долбоорун да жетектөөдө. Жаңы стратегияда Германия калкынын саны жана экономикалык кубаты боюнча Европадагы эң чоң өлкө экендиги, Европанын коргонуу системасын жана НАТОну чыңдоо үчүн андан эмне талап кылынары айтылат. Айрыкча, ал Европанын "Асман калканы" деп аталган ракеталык комплексин курууну көздөп жаткандыгына ишара кылууда. Коргоо министри Борис Писториус 18 өлкө бул демилгеге катышууга принципиалдуу макулдугун бергенин билдирди. (“Аль-Шарк”, 17.06.23).

10. Германиянын тышкы иштер министри Анналена Бербок Улуттук коопсуздук стратегиясын ачыктап жатып, авторитардык режим катары каралган Кытай менен Россия тууралуу мындай деди: «Стратегиялык коопсуздук саясаты "үч борбордук негизге" таянат: коргонуу, туруктуулук жана дайымийлик. Коргонуу тармагына армияны чыңдоо, жарандык коргонуу жана калкты коргоо кирет. Туруктуулук тармагы, тагыраагы, каршы туруу жөндөмүн, "негизги эркин демократиялык системабызды мыйзамсыз тышкы таасирлерден" коргоону өз ичине алат. Айрыкча, “сырье жана энергия булактары менен камсыз кылууда бир тараптуу кесепеттерди” кыскартуу керек жана камсыздоо булактарын көп тараптуу кылуу зарыл». (“Deutsche Welle”, 16.06.23). Бул, Америка Германияны жана бүткүл Европаны Орусиядан келген энергия чынжырларын үзүүгө мажбурлагандан кийин Германия Американын саясатына ээрчигенин көрсөтүүдө. О.э АКШнын Кытайдын камсыздоо чынжырларын азайтууга багытталган саясатына түшкөнүн билдирет. Германиянын билдирүүлөрүндө бул ачык-айкын көрүнүп турат. Ушул эле булак билдиришинче, канцлер Шульц: «Биздин пикирибизде Европа Биримдиги менен Трансатлантикалык альянстын ортосундагы байланыш борбордук боюнча сакталууда», - деди. (16.06.23, «Deutsche Welle»).

11. Германиянын бул Улуттук коопсуздук стратегиясын төмөнкүчө жыйынтыктасак болот:

А. Бул стратегия Экинчи дүйнөлүк согуш бүткөндөн бери Германияга таңууланган аскерий басымга чекит койду. Германия өз армиясын чыңдоо жана аны коопсуздуктун гаранты кылуу жолунда ишенимдүү түрдө алга жылууда. Бирок, өзөктүк куралды жайылтпоо келишиминин тарапкери болгон өлкө катары эл аралык шарттарга жараша чектөөлөрдү бузуп барууда.

Б. Батыштын эл аралык шарттарына ылайык, Германия душман катары биринчи кезекте орус армиясын, андан кийин Кытайды белгиледи. Германиянын Улуттук коопсуздук стратегиясында Кытай соода өнөктөш жана барган сайын агрессивдүү көз караштагы өлкө катары айтылган. Бирок, Германия эл аралык маселелерди чечүүдө аны менен кызматташууга тоскоолдук көрбөйт. Бул боюнча анын позициясы чоң жетилик тобу жарыялаган позицияга толугу менен дал келет.

В. Германия Европа Биримдигинин жана НАТОнун мүчөсү катары аны курчап турган коопсуздук жана аскердик көйгөйлөрдү белгилеген. Германиянын Улуттук коопсуздук стратегиясында Европа жана эл аралык уюмдар менен кызматташуу милдеттери баса белгиленди.

Г. Бул стратегияда Германия Европа жана НАТО өлкөлөрүнүн бир бөлүгү экенин айтса да, анын коопсуздугу Европа жана НАТО коопсуздугунун бир бөлүгү экенин билдирсе да, Америка көзөмөлдөгөн эл аралык системаны коргой тургандыгын ырастаса да, мунун баары Германиянын Улуттук коопсуздук стратегиясынын коркунучун азайтпайт. Швеция менен Финляндиянын НАТОго кошулушу сыяктуу эле Германиянын бул стратегиясы Москва үчүн эл аралык чоң коркунуч экендиги талашсыз.

Д. Германия экономикалык лидерлигин алдыңкы сапка чыгаруу үчүн акыркы отуз жыл бою Евробиримдиктин ичиндеги позициясын пайдаланып келди. Бул улуулукка карай биринчи кадамы эле. Учурда күчтүү армияны жана өнөр жайлашкан аскерий кубатка ээ болуу аркылуу улуулукка карай

экинчи кадамды таштады. Мында Германия Украинадагы согуштан жана согуштун натыйжасында жаралган эл аралык шарттардан пайдаланууда. Бул Германияга башка чектөөлөрдөн кутулуп, Европа өлкөлөрүнөн жана Америкадан бөлөк өз стратегиясын өнүктүрүүсүнө шарт түзөт. Бул нерсе кыска убакытта күтүлбөсө да, окуялар Германиянын бул багытта алга жыларын көрсөтүүдө.

12. Корутундулап айтканда, азыркы дүйнөдөгү чоң державалар адилетсиз жана агрессивдүү түрдө кан төгүү үчүн жер жүзүндө бузгунчулук жаюуда, эгин жана насилди жок кылуу үчүн бири-бири менен жарышууда. Халифалык нуру кайрадан жер жүзүн жарык кылмайынча, адамдардын абалында эч бир өзгөрүү болбойт. Халифалык мусулмандардын гана эмес, көлөкөсү түшкөн жалпы адамзаттын коопсуздугун камсыздайт… Ошондо акыйкат дүйнөнүн бардык тарабында угулат.

﴿وَقُلْ جَاءَ الْحَقُّ وَزَهَقَ الْبَاطِلُ إِنَّ الْبَاطِلَ كَانَ زَهُوقاً﴾

«Айткын: «Акыйкат келди, батыл жок болду. Албетте батыл жок болуучу»» [17:81]

﴿وَيَقُولُونَ مَتَى هُوَ قُلْ عَسَى أَنْ يَكُونَ قَرِيباً﴾

«Алар: «Ал (күн) качан болот?» деп (сурашат). «Балким жакында болоор», деп айткын!» [17:51]

**5-Зулхижжа, 1444-х.**

**23-июнь, 2023-ж.**

## Греция тууралуу суроого жооп

## Греция кризисинин акыбеттери

**Суроо:** *Маалымат агенттиктери 2015-жыл, 27-февраль жума күнү Германия парламенти өтө көпчүлүк добуш менен Грецияга берилип жаткан жардамдарды төрт айга узартууга ыраазылык бергени жөнүндө кабар таркатышты... Бул Греция кризиси аяктагандыгын о.э. Греция эч бир кыйынчылыксыз Европа Союзунун мүчөсү болуп кала беришин түшүндүрөбү? Американын Греция Европа Союзунда калышынан жана өз*

*проблемаларын чечишинен кызыкдар экендиги да көзөтүлдү. Себеби, Обама бул кризис олуттуу түс алган кезде, Си-Эн-Эн каналы менен 2015-жыл, 1-февралда болгон маекте «Грециянын еврозонада калышынан» үмүттөнө тургандыгын билдирди жана «бул бардык тараптардан чечимдерди жолго коюуну талап кылат» деди. Ал дагы «дефицитти азайтуунун жана бекемдикти кайрадан тикелөөнүн эң жакшы жолу өнүгүүгө жетишүүдө» деп да айтты. Греция кризисине мындай ачык аралашууга Американы эмне үндөдү? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.*

**Жооп: Элестетүү анык болушу үчүн төмөнкү иштерди көрүп чыгабыз:**

1 – Грецияда акыркы финансылык кризис 2009-жылдын аягында т.а. капиталисттик мамлекеттердин негизгиси болгон Америкада дүйнөлүк финансылык кризис тутанып, капитализм түзүмүнө моюн сунган Европаны жана дүйнөнүн калган жерлерин камтып алгандан кийин көрүнө баштады. Кризис Грецияны 2010-жыл апрелде бороондой силкинтти. Ошондон кийин 2010-жылы 23-июнда Греция өкмөтү Европа Союзунан жана Эл аралык Валюта Фондунан куткаруу планын күчүнө киргизүүнү расмий түрдө талап кылды. Бул план Грецияга жардам үчүн карыздарды берүүнү өз ичине алат эле. Греция дефолттон (карыздарды төлөй албастыктан) ушундай көрүнүштө сактанмакчы болду. Греция баалуу кагаздарына коюлган проценттик ставкалар о.э. дефолтко каршы бул баалуу кагаздарды камсыздандыруу көтөрүлүп кетти. «Бюджеттеги дефицит көрсөткүчү көтөрүлүп кеткени жана мамлекеттик карыздар көбөйүп кеткени о.э. Греция экономикасындагы өсүш начарлаганы себептүү инвесторлор Грециянын карыздарды төлөй албай калышы»нан кооптонуп калышынын натыйжасында булардын бардыгы жогорку ставкага чейин көтөрүлдү. Натыйжада бул кризис евро жана анын зонасына, арийне бүтүндөй Европа Союзуна коркунуч туудурду. Ошондуктан, Грециянын бул экономикалык зонадан чыгышы идеясы ортого ташталды. Бирок, Европа Грецияга жардам көрсөтүүгө токтом кылды. Мунун

акысына Греция мамлекеттик бюджетиндеги дефицитти азайтуу максатында экономикалык реформаларды өткөрө турган жана үнөмдүүлүк чараларын көрө турган болду. Дагы белгилүү болгондой, азыркы реформалар деген программа үстүбүздөгү жылдын 28-февралында аяктайт. Акыйкатта болсо келишүүнүн маани-мазмуну чечүүчү болбогон, бирок, ал айтып өтүлгөндөй жарылууну кечиктирди.

2 – Грецияга 5 жылдан бери көрсөтүлгөн жардам пакети 240 миллиард евро өлчөмүндө деп бааланууда. Учурда Грециянын карызы 323 миллиард еврого жетти. Бул карыз төмөнкүдөй бөлүнөт: бул карыздардын 60 %ы еврозонага, 10 %ы Эл аралык Валюта Фондуна, 6 %ы Европа борбордук банкына, 4 %ы Греция банктарына, 1 %ы чет өлкөлүк банктарга, 1 %ы Греция борбордук банкына кайтат, 3 % башка карыздар жана 15 % казына кагаздары да бар. Евро тобу карыздарга коюлган проценттер төлөнгөндөн кийин бюджетте 3 %га жете турган артыкчылыкка жетишүүнү шарт кылып коюуда. Грециянын болсо буга жетишүү кудурети жок. Бирок, Греция финансы министринин айтышынча анын мамлекети акыркы келишим боюнча бул шарт алкагында камалып калбай турган болду. Германия жана Европа союзу тарабынан бул тууралуу эч кандай түшүндүрмө берилбеди. Акыркы жылдарда Греция мойнуна жүктөлгөн үнөмдүүлүк саясаты өткөн жылдарда экономикалык сенектиктин уланышына, жумушсуздук деңгээлинин 27 %га өсүшүнө жана жеке менчик ишканалардын үчтөн бирине жакыны банкрот болушуна алып келди. Греция 2010-жылдан бери үнөмдүүлүк жана Греция карыздары кызматына тиешелүү Европа финансылык куткаруу программасы алкагында жашап келет. Бул программадан Грецияга кредит берген банктарды жана запастык фонддорду куткаруу үчүн – бул банктардын башында француз жана Германия банктары турат – азыркыга чейин берилген карыздардан 200 миллиард евродон ашыгы кетип болду. Бул карыздар Европа Союзу, Эл аралык Валюта Фонду жана Европа борбордук банкынын ар бири тарабынан берилди, мунун акысына

Греция үнөмдүүлүк чараларына катуу амал кылуу милдетин алды. Т.а. Европа Союзу өзүнүн Грецияга жогору процenttер менен карыз берген банктарынын карыздарын жаба турган болду. Бул Греция жараны өз мамлекетинин экономикасына ишенимин жоготкон бир мезгилде жүз берип жатат. Мисалы, өткөн декабрь айынан баштап 18 миллиард евро артка кайтарып алынган болсо, ушул айдын 18 жана 19унда 500 миллион евро кайтарып алынды. Булардын бардыгы капитализмдин куткаруу пландары деген нерсе бузук жана кооптуу экендигин ачык көрсөтүп турат. Себеби, бул пландар куткаруучу эмес, тескерисинче, мамлекеттер жана адамдарды карыздарга батыруучу о.э. кыйратуучу пландар болуп эсептелет...

3 – Германия Греция кризиси маселесинде эң катуу саясат жүргүзгөн жана Греция карыздарын кечип жиберүүнү четке кагып келе жаткан мамлекет болду. Ошондуктан, Германия сүйлөшүүчүлөргө баш болду жана талкууларды башкара турган болду. Ал тургай, бул талкуулар Германия менен Греция ортосундагы талкуулар деп атала турган болуп калды. Ошондуктан да маалымат агенттиктери “келишүү еврозонадагы 19 мамлекет министрлери менен Греция ортосундагы бир чыныгы сүйлөшүүлөр аркылуу болгон жок, тескерисинче, Германия финансы министри менен анын грециялык кесиптеши ортосундагы сүйлөшүүлөр аркылуу болду, бул сүйлөшүүлөрдө Эл аралык Валюта Фонду жана Европа Борбордук банкынын жооптуулары катышты” деген сөздөрдү келтиришти. Бул болсо, Британиядагы Европа Союзуна каршы чыгып жаткан агымга бул союзга жолдоп жаткан сындарын күчөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүп берди. Бул агым Европа Союзун “Германия өкүмдарлык кылып жаткан жана ал аркылуу Германия Европа үстүнөн өкүмдар болуп алууга умтулуп жаткан бир клуб” деп атады. Германия болсо өзү финансылык жактан Европа Союзунун жетекчиси экендигин сезе баштады. Себеби, ал Европанын экономикалык жактан эң күчтүү мамлекети. Ошондуктан, баары ага кол берип ага жана анын жардамдарына муктаж экендигин билдире турган болушту. Германия

Греция кризиси маселесине жеңил-желпи кароону каалабай жатат, себеби, бул жугуштуу «оору» биринчи баскыч катары Португалияга, кийинки баскычта болсо кудум ушундай проблемалардан кыйналып жаткан Ирландия, Италия, Испания жана Евросоюздун башка мамлекеттерине көчүп өтөт. Бул мамлекеттер куткаруу программасына моюн сунушууда жана Европа Союзунун атынан Германия киргизген үнөмдүүлүк саясатын колдонушууда. Ошондуктан, эгерде Германия Грецияга жеңил қарай турган болсо мына ушул мамлекеттер өз жарандарын оор жүк болуп эзип жаткан үнөмдүүлүк саясатынан баш тарта башташат. Ошондуктан да, Германия финансы министри Вольфганг Шойбле – ал Греция карыздарынан кечип жиберүү пикирине каршылардын бири – мындай деди: «Греция азыркы келишимде көрсөтүлгөн шарттарды аткарбай туруп эч кандай жардам ала албайт». Ал дагы: «Социалисттер башчы болгон өкмөт кыйын мезгилдерди баштан өткөрүүдө», - деди (Би-Би-Си 2015-жыл, 21-февраль). Греция өкмөтүнүн өкүлү болсо: «Греция жана Германия Грецияны куткаруучу карыздар программасынын мөөнөтүн 4 айга узартуу туурасында келишимге жетишти», - деди. Анын айтышынча шериктеш мекемелер, Греция жана Германия туурасында дагы бир келишим да бар. (Кудс 2015-жыл, 20-февраль). Акыры Греция өкмөтү мына ушул программага эч бир кеп-сөзү жок же шарттарды койбостон катуу амал кылуу милдетин алгандан кийин, Европа парламенти, аныгыраагы Германия парламенти 2015-жыл, 27-февралда мөөнөттү төрт айга узартууга ыраазылык берди... Шойбле «Азыркы келишимде Грецияга жаңы миллиарддаган каражаттарды берүү жана азыркы программада кандайдыр өзгөрүштөр болушу мазмуну жок» деп баса белгиледи. (Лондондо чыгуучу Араб газетасы 2015-жыл, 28-февраль). Шойбле бул иш «Грецияга жаңы миллиарддаган каражаттарды берүүгө» же «азыркы программа шарттарын өзгөртүүгө» таптакыр тиешеси жок экендигин айтып тынчтандырууга аракет кылды. Экономикалык иштер боюнча еврокомиссар Пьер Московиси болсо Афинаны «өзүнүн европалык

шериктери алдындагы жана Эл аралык Валюта Фондунун алдындагы милдеттерин урматтоого» чакырды. (swissinfo.ch- afp_tickers 2015-жыл, 27-февраль).

4 – Европа Союзунда Германия менен катарлаш негизги мамлекет болгон Франция жөнүндө айта турган болсок, француз президенти Франсуа Олланд бул келишимди «Греция үчүн да жана ага карыз бергендер үчүн да бир жакшы чечим» деп атады (Би-Би-Си 2015-жыл, 21-февраль). Француз финансы министри Мишель Сапен болсо: «Афина акыры кредитор тараптар көзөмөлү астында калууга ыраазылык берди, бирок, бул жерде башкача табияттагы иш болот, бул жерде аныгыраагы саясий иш болот», - деди. Ал бул аркылуу гректер техникалык адистерге каршы турууну каалабай турган болуп калышканына ишара кылды (Франс Пресс агенттиги 2015-жыл, 21-февраль). Агенттик мындай деп кошумча кылды: «Греция мойнуна алган шарттарды аткарса Европа каражат камсыздоосунан калган акчалардан 2,7 миллиард долларга жете турган каражатты алышы мүмкүн, бул каражат 240 миллиард еврого жете турган куткаруу келишими алкагында берилет. Греция үнөмдүүлүк барагын жабууга катуу аракет кылууда. Бирок, Европадагы бюджеттер жаатындагы катуу кол саясаттын кепили болгон Германия Грециянын өз финансысын тазалоону улантышын жана структуралык реформаларды улатышын шарт кылып койду».

5 – Америка позициясына келсек, анда бул маселеге ачыктан-ачык аралашуу анык көрүнөт. Себеби, Америка президенти Барак Обама 2015-жыл, 1-февралда Си-Эн-Эн тармагы менен болгон маекте Грециядагы финансылык кризиске комментарий берип жатып, Греция тарабында болуп жана Европа Союзунун бул маселеге карата ээлеген позициясын сындоо менен: «Оор абалды баштан өткөрүп жаткан мамлекеттерди алдан тайдырууну уланта берүү мүмкүн эмес», - деди. Ал дагы: «Карыздарды төлөө мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн белгилүү бир баскычта өнүгүү стратегиясы зарыл болот», - деп кошумчалады. Обама Грециянын «реформалар өткөрүүгө өтө

муктаж экендигин» тан алса да, бирок, мындай деди: «Адамдардын жашоо деңгээли 25 %га төмөндөгөн болсо бул өзгөрүүлөрдү баштоо бир топ кыйын болот. Узак убакытка чейин саясий режим жана коомчулук муну көтөрө албайт...». Обама «Греция еврозонада калышынан үмүттөнгөндүгүн» билдирип, «бул бардык тараптардан чечимдерди талап кылат» деди. Ал Европанын үнөмдүүлүк саясатын сындап мындай деди: «Экономика тынымсыз артка кеткен убакта барган сайын кыйналып жаткан калкты дагы да көбүрөөк алдан тайдыруу үчүн аракеттерди кылуу гана эмес, тескерисинче өнүгүү стратегиялары болушу зарыл болот». Обама: «Дефицитти кыскартуунун жана бекемдикти кайра тикелөөнүн эң жакшы жолу өнүгүүгө жетишүүдөн турат», - деди. Америка президенти бул сөздөрдү солчулдардын Сириза партиясы Грециядагы 2015-жыл, 25-январда өткөрүлгөн парламенттик шайлоодо утуп чыккандан бир нече күндөн кийин жана Европанын Грецияны куткаруу баскычы аякташынан болжол менен бир ай убакыт мурда айтты. Бул сөздөр Обаманын Греция тарапта турганына жана Европаны сындап жатканы жөнүндө Европага ачык ишара кылууда. Обама Греция Европа Союзунда калышы үчүн ушундай көрүнүштө Европага басым өткөрмөкчү жана Грецияны колдоого алуу менен андан бул союзга каршы пайдаланмакчы. Демек, Америка Грециянын Европа Союзунда калышын каалайт. Себеби, мына ошондо бул союз кризистер жана жарака кетүүлөрдөн кыйнала берет, натыйжада бул союз кулоо коркунуч салып жаткан бир алсыз союз болуп калат.

6 – Грециянын өзү болсо, анда Сириза партиясы башчылыгындагы солчул өкмөт бир ай мурда бийликке келди. Бул өкмөт Европа Союзунда калууну каалап жатат. Ошондуктан, Грециянын премьер-министри Алексис Ципрас мына ушул келишимди мактап: «Өзүнүн өкмөтү Грециядагы жана чет өлкөдөгү консервативдик күчтөр тарабынан мамлекетти ушул айдын аягында (т.а. Европа куткаруу келишими аяктаган кезде) банкротко учуратуу үчүн түзүлгөн планды жокко чыгаргандыгын» айтты. Ал мындай деп

кошумчалады: «Грецияга берилген мөөнөттү төрт айга узартуу жөнүндө Европа Союзу жетекчилери менен бузулган келишим мамлекеттеги жагымсыз үнөмдүүлүк чараларына чек коёт, бирок, өкмөт дагы деле оор каршылыктарга дуушар болууда». Ал «Бул келишим үнөмдүүлүктү бекер кылат» деп дааба кылган болсо да, бирок, бул келишим бир катар чегинүүлөр каршысында жүзөгө келди, мына ошол чегинүүлөрдүн бири – Греция реформалар деп аталган нерсени анык белгилеп чыгуу милдетин алгандыгы. Ошондуктан, премьер-министр «өзүнүн өкмөтү бүтүндөй этибарын жаңы реформалар жаатында июндун башында карыз берүүчүлөр менен боло турган сүйлөшүүгө каратып жатканын» айтты. (АФП 2015-жыл, 21-февраль). Греция өкмөтү Грецияга каражат берүү мөөнөтүн – бул мамлекет төрт жыл мөөнөткө чейин реформалар өткөрүү пландарын сунуштай алышы үчүн – 6 айга узартууну талап кылган эле. Греция өкмөтү пенсияларды берүүдө үзгүлтүктөр болушунун алдын алганын о.э. салыктардын өтө чоң өлчөмдө көтөрүлүшүнүн да алдын алганын жана европалык кредиторлорду өздөрүнүн бюджетке тиешелүү реалдуу болбогон талаптарынан баш тартууга көндүргөнүн билдирди. Греция финансы министри келишимди узун жолдогу биринчи кадам деп баалап, мындай деп кошумча кылды: «Эч ким экономикабызга жана коомубузга биз ыраазы болбой турган чараларды жүктөй албайт, бул келишимдеги жаңы нерсе, ыктыярыбызда азыр жаңы горизонттор бар, бирок, биз мурунку нерселерди урматтайбыз. Азыр биз бул реформаларды жазууда кызматташуу туурасында убада бердик, биз бул реформалар боюнча жооп беребиз». Өз кезегинде Германия финансы министри Вольфганг Шойбле да мындай деди: «Греция менен түзүлгөн бул программага ийгилик жар болбосо бул жерде бериле турган эч кандай акчалар болбойт, бул анык нерсе». (Евроньюс 2015-жыл, 21-февраль). Бул сөздөр Греция программадагы шарттарга көнүшүнөн мурда айтылды жана ошондон кийин Германия мөөнөттү узартууга ыраазылык берди.

7 – Британиянын позициясына келсек, Британия финансы министри Жорж Осборн Грециянын еврозонадагы башка шериктер менен болгон келишпестигиндеги абалды «Британ экономикасы туруктуулугуна карата коркунуч туудурат» деп баалап, евро мамлекеттери кризистин күчөшүнө жол бербестик үчүн бир ортоктош чечимге жетишүүсү зарыл экендигин талап кылды. Ал: «Бул оор абалда кризис коркунучу жашынып жатат, бул кризис Европа экономикасына өтө чоң зыяндарды алып келиши мүмкүн, бул кризис Британияга да коркунуч туудурат», - деди (Скай Ньюс 2015-жыл, 20-февраль). Британия Европа Союзунун – ырасында өзү андан пайдалана берген соң жана бул союз ага эч бир коркунуч туудурбаган соң – сакталып калышын каалап жатат. Айрыкча, бүтүндөй Батыш дүйнөсү барган сайын чиелешкен финансылык кризистен кыйналып жаткандыктан, Британия ушуну каалап жатат. Себеби, Европа Союзунун азыркы убакта кулашы бир сокку болот, бул сокку бүтүндөй капиталисттик экономиканы жок кылып ташташы да мүмкүн. Ошондуктан, Британия Европа Союзу Америкага атаандаш катары сакталып калышын каалап жатат. Себеби, мына ошондо Британия бул союзду өзүнүн Америка менен болгон тымызын күрөшүндө жана Американын дүйнөлүк саясатта жеке өкүмдар болуп алышына жол бербестикте ишке салуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

8 – Булардын бардыгынан төмөнкүдөй тыянак чыгарабыз:

а) Европа Союзу бир алсыз союз. Себеби, ал саясий токтом биримдиги негизине курулбаган. Ошондуктан, ал бир бүтүн саясий вужуд эмес. Анда аны башкара турган бир бүтүн идара жок, тескерисинче, ал кээ бир позициялар жана абалдар жаатында келишип ала турган, башкаларында болсо келише албай турган мамлекеттер тобунан турат. Бул топтун ири күчтөрү бул союзга жетекчилик кылууну жана ага өз каалоосун өткөрүүнү талашып өз ара атаандашууда. Айрыкча, бул топтун – ал капитализм мабдасына курулгандыктан – пайдапарастыкка негизделиши бизге белгилүү болгон соң, бул күчтөрдүн өз ара мына ушундай атаандашуусу табигый.

Себеби, капитализм мабдасы пайдапарастыкты иштердин негизи жана өлчөөсү кылып коёт. Алар улуттук мамлекеттер болуп, бул мамлекеттер башканын үстүнөн өкүмдарлыкка жетишүүгө аракет кылышат. Себеби, бул мабда улутчулукту тан алды жана аны дабалабады. Ошондуктан, ал өзүнө этикад кылуучу калктарды бир «казан»да бири-бирине аралаштырып бириктире албады. Европа мамлекеттери, айрыкча, Европанын ири мамлекеттери бул союз мамлекеттери үстүнөн өкүмдарлыкты талашып өз ара атаандашууда. Мисалы, Германия ушуга жетишүүгө аракет кылууда, Франция болсо Германияга шерик болуп көрүнүктүү ролду ойноого аракет кылууда, Британия болсо бул союзду Америка менен атаандашуу үчүн – эки тараптан пайда көрө турган көрүнүштө – ишке салууга аракет кылууда.

б) Америка бул союз мамлекеттерине өз таасирин өткөрүүгө аракет кылууда. Ал бул союзга сокку берүүгө жана аны жемирүүгө аракет кылууда. Болбосо, бул союз дүйнөгө таасирин өткөрө турган күч-кубатка ээ бүтүндөй бир саясий биримдикке айланып калат. Америка евро доллар менен атаандаша турган дүйнөлүк валюта болуп калбашы үчүн еврону кулатууга да аракет кылууда. Ошондуктан, Америка бул союздагы кризистерден жана анын проблемаларынан пайдаланууда, бул союздун кадыр-баркын кетирүү үчүн жана өзү капиталисттик дүйнөнүн эч бир атаандашсыз жеке жетекчиси болуп калуу үчүн бул союздун чечимдерин айыптап жатат. Мисалы, Америка Греция кризисинен пайдаланып, бул мамлекеттеги солчул өкмөткө жагынууга жана аны өзү тарапка тартууга аракет кылууда. Америка ушундай максатта Грециянын бул союзда калышын коргоп жатат. Себеби, мына ошондо бул союз кризистер кемирип таштай турган алсыз болуп кала берет. Ошондуктан, Америка Грециядагы кризистен пайдаланып жатат о.э. бул мамлекетти Европа Союзуна каршы позицияларды кармануууга тукуруп жатат. Себеби, мына ошондо Греция бул союзду жемире турган бир алсыздык фактору болуп калат жана мына ушундай көрүнүштө бул союз кулоо коркунучуна дуушар болот.

в) Германия болсо бул союзду жана евро тобун сактап калууга, бул топту күчөтүүгө аракет кылууда. Ошондуктан, Германия бул экөөндө биринчи сөз ээси болуп калды о.э. биринчи болуп пайда көрө турган да анын өзү. Себеби, Германиянын финансылык мекемелери пайда көрүүчүлөр болуп эсептелишет, себеби, бул мекемелер Грецияга жана башка Европа мамлекеттерине карыз берип жатышат жана бул акчаларды пайдасы менен кайтарып алышат. Ошондуктан, Германия өзүнүн финансылык мекемелериндеги банктар, запастык фонддор жана камсыздандыруу компанияларынан турган экономика дөңгөлөгүн аракетке келтирүүдө. Германия өзүнүн бул союздагы таасирин күчөтүүгө аракет кылууда. Ошондуктан, Германия азыр дүйнөдө "орточо улуу мамлекет" деп атала турган болуп калды. Франция болсо Германияга окшоп пайда көрө турган экинчи мамлекет. Франция өзүнүн союздагы эл аралык ролун күчөтүүгө аракет кылууда. Кырдаалды күзөтүп келе жаткан Британия болсо бул союзда мүчө эместей болуп калууда. Себеби, ал бул союзду күчөтүүгө да, же аны кулатууга да аракет кылбай жатат, тескерисинче, ал болгону бул союзду ишке салып андан пайдаланууга гана аракет кылып жатат.

г) Ошентип бул союздагы ири мамлекеттер ортосундагы өз ара атаандаштык жана бул союз менен Америка ортосундагы күрөш сакталып калууда. Америка бул союзду жемирүүгө жана эгерде мүмкүнчүлүгү болсо, аны талкалап таштоого аракет кылууда. Америка дүйнөлүк валюта сыпатындагы еврону кулатууга да аракет кылып жатат. Себеби, мына ошондо Американын көк кагазы – өзүндө басылган сыяга да арзыбай турган көк кагазы – дүйнөлүк валюта болуп кала берет. Мына ошондо Америка дүйнөдөгү байлыктарды талап кете берет жана өзүнүн дүйнөгө өкүмдар биринчи мамлекет сыпатындагы дүйнөлүк лидерлигин кепилдөө үчүн өзүнүн аскерий машинасын каражат менен камсыздай берет.

д) Ошентип, капитализмдин батыл мабда экендиги, анын экономикалык түзүмү бузук экендиги, анын чечимдери кооптуу жана

натыйжалары жаман экендиги кайра-кайра далилденүүдө. Себеби, капитализм ооруларды дарылабайт, тескерисинче тынчтандыруучу «дарыларды» берүүгө гана аракет кылат. Натыйжада проблемалар кала берет жана оорулар өнөкөт дартка айланат. Себеби, капитализм мамилелерде жана карыз берүүдө негиз катары таяна турган риба-сүткордук карыз алуучуну эзип-жанчып таштайт. Мунун үстүнө карыз алуу үчүн казына кагаздарын чыгара турган карыз алуучу мамлекет бул казына кагаздарын камсыздандырышы керек болот. Ошондуктан, бул мамлекет камсыздандыруу үчүн өтө чоң өлчөмдөгү каражаттарды төлөйт. Натыйжада карыз алган мамлекеттин мойнундагы оор жүк ого бетер оорлошот жана карыз алышы аны куткара албайт, тескерисинче, карыз алган мамлекет бюджеттеги дефициттен жана карызды төлөй албастыктан ар дайым кыйнала берет, алган карызы аны карыз бергендердин өкүмдарлыгы астында калтыра берет! Анын жарандары болсо ар дайым жакырчылыкта жашай турган болот, карыз алган мамлекетти үнөмдүүлүк саясатын колдонууга мажбурлоонун натыйжасында ушундай болот. Себеби, Грециядагы кризиске тиешелүү чечимдер ашып кетсе убактылуу тынчтандыруучу гана чечимдер болуп эсептелет, мына ошондон кийин кризис дагы кайталана берет. Греция төрт кылым бою Ислам башкаруусу көлөкөсүндө тынчтык, амандык жана туруктуулукта жашаган.

**28-февраль, 2015-м.**

## Грециядагы финансылык кризис

**Суроо:**

*Грециядагы финансылык кризис Европа жергиликтүү жана дүйнөлүк окуялардын катарынан орун алды жана кеңири тартышуларга, талдоолорго, суроолор жана божомолдорго себеп болду... Греция Европанын куткаруу планына макулдук бергени маалымдалды. Ушундай суроо туулат: Бул кризисти кандай түшүнүү мүмкүн жана ал кантип пайда болду? Таасирдүү мамлекеттердин бул кризисте кандай ролу бар? Ушул план*

*Греция кризисин чече алабы? Суроо узарып кеткени үчүн үзүр сурайбыз, Аллах сизге жакшылык тартуу этсин.*

**Жооп:**

Суроого жооп берүү үчүн бул кризистеги жаңы жагдайларды карап чыгабыз. Биз 2015-жылдын 28-февралындагы талдообузда бул темага тиешелүү ошол кездеги окуяларды карап чыкканбыз. Ошондой болсо да жаңылыктарга көңүл буруп болуп өткөн нерселерге да назар салабыз:

Биринчи: Бул кризистин вакиъи:

1 – Грециядагы экономикалык кризистин тамыры бул мамлекет 2001-жылы евро регионуна кирген убакка барып такалат. Ошол кезде Америка бийлиги Греция еврозонага кабыл алынышы үчүн Америка кредиттик рейтинг компаниялары аркылуу тил бириктирген, натыйжада бул компаниялар Грециянын рейтингин жогорулаткан. Греция муну билип туруп «өзүнүн финансылык абалын еврозона жетекчилеринен жашырган. Греция еврого кошулгандан кийин 2004-жылы мартта Константинос Караманлис башчылыгындагы центрист өкмөт бийликке келди. Бул өкмөт кооптуу фактыларды аныктады, алардын эң маанилүүсү, бюджеттеги дефицит мурунку өкмөт еврого кошулган убакта билдиргендей 1,5% эмес, 8,3%га жеткен т.а. дефицит айтылып келген көрсөткүчтөн беш жарым эсе жогору болгон» («Мисрул Арабийя», 2015-жыл, 22-июль). Ошентип, Америка убагы келип ушул карыздар проблемасы «жарылып» еврозона кризиске батышы жана андан кийин евро куну төмөндөп доллар менен атаандаша албай турган абалга түшүп калышы үчүн еврозонага «бомба» жайгарууну каалады. Иш жүзүндө ошондой болуп чыкты, себеби, көп убакыт өтпөй Греция мойнундагы үлкөн карыздар кризиси жүзөгө келди.

2 – 2008-жылдан бери Греция карыздарды төлөө үчүн дагы карыз алуу аркылуу бул кризистен чыгууга урунуп келет, бирок, бул аракети оңунан чыкпай жатат. Байма-бай алмашып жаткан өкмөттөр да карыз алуу аркылуу экономикага каражаттарды тартты, бирок, мамлекет экономикасын

куткара албады. Себеби, бул өкмөттөр Греция мойнунда тоодой үйүлүп жаткан карыздарды төлөө, риба жана өзүнүн карыздары боюнча төлөй турган камсыздандыруу акчаларынан турган карыз кызматтарын төлөө үчүн дагы карыз алууда. «Ошондо еврозонадагы башка мамлекеттер Грецияга жардам көрсөтүү үчүн Еврокомиссия, Европа борбордук банкы жана Эл аралык Валюта Фондунан турган үчтүк деп аталган көрүнүштө аралашты. 2010-жылы майда еврозона жетекчилери 110 миллиард евро көлөмүндө куткаруу карызын берүү тууралсында Греция өкмөтү менен келишип алышты. Бирок, бул куткаруу оор шарттар менен бирге келди. Бул шарттардын арасында мамлекет бюджетин иретке келтирүү үчүн салык системасын жакшыртуу жана социалдык чыгашаларды азайтуу шарты да бар. Куткаруу үчүн берилген карыздын биринчи бөлүгү Греция абалын жакшыртууга жетиштүү болбогону үчүн өкмөт 2012-жылы февралда куткаруу фондунан дагы карыз алууга макул болду, муну менен карызга алынган акчалардын жалпы суммасы 246 миллиард еврого жетти. Сарамжалдуулуктун жаңы планы жөнүндөгү келишим мурункудан да оор шарттарды камтыды, натыйжада абал дагы да жамандашып жумушсуздук деңгээли 25%дан ашып кетти, жаштар арасындагы жумушсуздук 50%дан да жогору» («Мисрул Арабийя», 2015-жыл, 22-июль). Бул абал салыктан түшкөн кирешелердин азайышына алып келди. Бул болсо бюджеттин кескин азайышына алып келди жана Греция өкмөтү төлөө убагы келген карыздарды төлөй албай калды. Греция Эл аралык Валюта Фондуна жана Европа Союз банкына төлөшү шарт болгон карыздарды убагында төлөө үчүн күрөшүп, Эл аралык Валюта Фонду жана Европа банкы менен сүйлөшүү алып барууга урунду, бирок, карыз бергендер төлөө шарттарын өзгөртүүнү четке кагышты. Ошентип, Греция карызга малынып, анын экономикалык абалы сенектик абалда тура берди... Ошондуктан, өкмөт сарамжалдуулуктун жаңы пакети жөнүндө ойлонуп калды! Бирок, Грециядагы адамдар мурунку сарамжалдуулук пакетинин «ачуу» даамын татып көрүшкөн эле. Ошон үчүн Ципрас 2014-жылы

ноябрдагы шайлоолордо бул абалдан пайдаланып өзүнүн шайлоо кампаниясын сарамжалдуулукка каршы негизге курду, адамдарды Европа Союзунун пландарын жана карыз берүүчүлөрдүн шарттарын четке кагуу үчүн аракетке келтирди, эгер шайлоодо жеңишке жетишсе сарамжалдуулук камтылбаган шарттар менен сүйлөшүүлөрдү кайра баштоону убада кылды... Мына ошондон кийин ал шайлоодо жеңип чыкты.

3 – Ципрас Европа Союзу жана карыз берүүчүлөр койгон шарттардын эч бирин өзгөртө албады, адамдарды аракете келтирген наразылык демонстрацияларына жана тартипсиздиктерге карабастан, карыз берүүчүлөрдү жана Европа Союзун карыздарды жеңилдетүүгө мажбур кыла албады. Себеби, ал «оң кол» менен кан соргон капитализм саясатына бетме-бет келген эле, азыр болсо «сол кол» менен кан соргон капитализм жана социализм саясатынан турган кошундунун алдында турат! Бул саясаттар жыргал жашоону да, туура жашоону да жүзөгө чыгарбайт, тескерисинче күрөш тынымсыз уланат... Кризис ушундай көрүнүштө чаташып олуттуу түс алды, андан кийин Грециянын банк системасына болгон ишеним төмөндөп кетти, а түгүл, бул ишеним бүтүндөй жоголду, натыйжада аманат коюлган акчаларды кайтарып алуу күч алды: «Катимерини гезити билдиришинче, Греция банктары эсеп-китептерине ылайык, банктарга аманат койгон грециялыктар ушул аптанын башынан бери эки миллиард евродон ашуун каражатты кайтарып алышкан...» («Ал-Жазира», 2015-жыл, 21-февраль). «Греция борбордук банкы тарабынан чыгарылган билдирүүлөрдө айтылышынча, жеке менчик банктарга аманат коюлган акчалар 23 миллиард еврого жакын көлөмдө азайган, бул, 2014-жылдын ноябрынан тартып 2015-жылдын май айына чейин аманат коюлган акчалардын жалпы суммасынын болжол менен 18%ын түзөт...» («Сандар» сайты, 2015-жыл, 3-июнь). «2015-жылы 15-18-июль күндөрү кайтарып алынган акчалардын көлөмү болжоло менен 3 миллиард еврого (3,39 миллиард долларга) жетти. Бул болсо адамдар жана компаниялар апрель айынын соңунда Греция банктарына койгон аманат

акчаларынын жалпы суммасынын 2,2%ын түзөт». («Рейтер», 2015-жыл, 19-июнь).

4 – Греция кризиске батып бара жатат, анын абалы өтө аянычтуу. Бирок, ошого карабастан Европа Союзу, айрыкча, Германия сарамжалдуулук шарты менен чабуулду уланта берди. Мисалы, Германия катардагы Греция жараны тарта турган кыйынчылыктарга карабастан, Грециядан финансылык куткаруу жана экономикалык жардам операцияларынын акысына сарамжалдуулук программасын ишке ашырууну талап кылды. Бул болсо чыгашаларды азайтууну, социалдык чыгашаларды бүтүндөй токтотууну, мамлекеттик мекемелердеги жумушчулар санын кыскартууну, карыздарды төлөөнү баштапкы милдетке коюуну түшүндүрөт. Германия жүктөгөн сарамжалдуулук иш-чаралары социалдык, экономикалык жана саясий сенектикке алып келди. Ошентип, азыркы кризис – айтып өткөнүбүздөй – олуттуу түс алды, айрыкча, банктардан акчаларды кайтарып алуу күчөгөндө кризис дагы да тереңдеди, мына ошондон кийин банктар жабылды... Сүйлөшүүлөр башталды жана Греция өкмөтү төрт айга созулган кошумча куткаруу мөөнөтүн талап кылды. Өкмөт бул сүйлөшүүлөрдө ушул куткаруу келишиминин шарттарын жакшыртууга жетишилер деген үмүттө ушул кошумча мөөнөт берилишин талап кылды. Бул мөөнөт 2015-жылы июнда бүтүшү туурасында токтом кылынды. Солчул партия Сириза, эгер, 2014-жылдын аягындагы шайлоолордо жеңип чыкса, бул сүйлөшүүлөрдү алып барууга убада берди. Бул партия Грециянын карыздары туурасында кайра сүйлөшүү өткөрүүнү жана карыз берүүчүлөр койгон сарамжалдуулук шарттарына таптакыр моюн сунбоону убада кылып, ушул негизде шайлоолордо жеңишке жетишкен... Греция өкмөтү июнь соңунда төлөм убагы келген карыздарды төлөөгө токтом кылынган. Бул карыздар 1,6 миллиард еврого жетти. Бирок, өкмөт муну төлөө үчүн Европа Союзу тарабынан куткаруу акчаларына муктаж эле. Ошондуктан, өкмөт дагы ушул акчаларды алуу үчүн келишим бөлүмдөрүнө өзгөртүү киргизмекчи болду.

Бул кайра сүйлөшүүлөр көптөгөн жолугушууларга алып келди, бирок, бул жолугушуулар эч бир келишимге алып келбеди. Ошондуктан, Эл аралык Валюта Фондунун расмий өкүлү Жерри Райс 11-июнь күнү фонддун сүйлөшүүлөргө катышып жаткан өкүлдөрү Грецияны куткаруу сүйлөшүүлөрүнөн чыгып кетишкенинин себебин мындайча түшүндүрдү: «Греция «стадионундагы» «топ» абдан чоң, мунун акыбетинде көптөгөн негизги жагдайларда ортобузда чоң келишпестиктер бар, акыркы кездерде бул келишпестиктерди кыскартууда эч кандай алга жылуу болбоду». Эл аралык Валюта Фонду Афинаны жан бербестикте айыптады, мунун артынан немис финансы министри Йерун Дейсселблум 12-июнда мындай деди: «... Эгер Греция өзүнө өзү жардам берүүнү каалабаса, биз Грецияга жардам бере албайбыз... Грециялыктар олуттуу сунуштар менен келиши керек».

5 – Греция өкмөтү Европа Союзу шарттарынын ордуна бир катар сунуштарды киргизди. Бирок, Европа Союзу бул сунуштарды ар дайым четке какты. Буга карама-каршы түрдө Европа Союзу социалдык чыгашаларды, мамлекеттик мекемелерде иштеген кызматкерлердин маяналарын жана бюджеттин чыгашасын кыскартуу пакетин сунуштап келди. Мунун акысына куткаруу каражаттары жана Греция банктарына акчалар бериле турган болду. Греция өкмөтү карыздарды бекер кылмакчы жана сарамжалдуулукту көбүрөөк жылдарга бөлүштүрмөкчү болуп жаткан бир учурда Германия бул пакетке олуттуулук менен башчылык кылды. Ошондуктан, Греция өкмөтү Европа Союзу талап кылган сарамжалдуулук шарттарын кескин четке какты... Европа Союзунун сүйлөшүү алып барган өкүлдөрү өздөрү койгон шарттарды өзгөртүүнү четке кагышты жана Греция 27-июнда төлөө убагы келген карыздарды төлөө үчүн иштетиши керек болгон акчаларды арест кылды. Ушул себептен улам, Греция өкмөтү Европа Союзу тарабынан сүйлөшүүлөрдө сунушталган шарттарды 2015-жылы июлда өткөрүлө турган референдумда калктын тандоосуна сунуштады... Греция өкмөтү Европа Союзунун сүйлөшүүчүлөрү жан берип шарттарды жеңилдетүүгө мажбур

болуусун үмүт кылып референдум аркылуу Европа Союзуна басым өткөрүүгө урунду.

6 – Референдум алдында Греция премьер-министри шайлоочуларды бул шарттарды четке кагууга жана референдумда «жок» деп добуш берүүгө чакырды. Греция премьер-министри Ципрас Европа Союзунда калуу тарапкерлерин «жок» деп добуш берүүгө кызыктыруу үчүн телевидение аркылуу кайрылуу жасап Грециянын еврозонадагы мүчөлүгү коркунучта эместигин айтты... Ошондуктан, 5-июлда Греция жарандарынын чоң бөлүгү куткаруу планындагы шарттарды четке кагууну жактап добуш беришти. Себеби, 61% жок деп добуш берген болсо, 39%ы ооба деп добуш берди, референдумда катышкандар көрсөткүчү 62,5%ды түздү... Референдумда жок деп добуш берилген болсо да, бул натыйжа Европа Союзун, айрыкча, Германияны шарттардан чегинүүгө таасир кыла албады. Ошондуктан, Греция жаңы сунуштарды алга сүрүүгө макулдук берди, бул жаңы сунуштар еврозонанын 7-июлдагы саммитине бериле турган болду. Муну менен бирге немис финансы министри Греция карыздарын азайтуу жөнүндөгү ар кандай сунуштарды үйрөнүп чыгууну четке какты!

7 – Тартышуулардан кийин 2015-жылы 13-июлда евро топ менен Греция бир келишимге жетишишти. Келишимге ылайык, куткаруу программасы деп аталган нерсе боюнча сүйлөшүүлөр алып барыла турган болду. Бул программанын көлөмү 86 миллиард евро болуп, мөөнөтү үч жылга созулат. Мунун тушунда мамлекет еврозонада дээрлик дефолт болгон мамлекет катары калтырылат. Греция өкмөтү кол коюуга мажбур болгон бул келишимде салыктарды көтөрүү, маяна системасын реформалоо т.а. чыгашаларды азайтуу механизмин иштеп чыгуу, жарандык иш-чаралар мыйзамын кабыл алуу, Греция банктарына акча менен жардам берүү жөнүндөгү мыйзамды иштеп чыгуу, (өкмөт каршылык кылып келе жаткан) мамлекеттик мүлктөрдү менчиктештирүү иштерин өткөрүү, ушуга тиешелүү бир фонд түзүү көрсөтүлгөн. Бул фонд Грецияга карыз берген үч тарапка:

Еврокомиссияга, Европа борбордук банкына жана Эл аралык Валюта Фондуна тапшырылат. Бул үч тараптын өкүлдөрү Греция экономикасын көзөмөлдөө үчүн Афинага келет, аларга өкмөт токтомдоруна каршылык билдирүү, кээ бир мыйзам долбоорлоруна жана суражылоолорго аралашуу укугу берилет, келишим боюнча Грецияда кызматтарга жана товарларга салына турган кошумча кыймат салыгы 13%дан 23%га көтөрүлөт. Греция бул келишим аркылуу 320 миллиард еврого жеткен карыздар структурасын кайра тикелөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон болсо да, бирок, бул карыздардын эч бир бөлүгүн бекер кылууга жетише албады. Греция көлөмү 35 миллиард евро болгон пакет боюнча мөөнөтү орточо карыз алды. Бул карыз мамлекетти экономикалык туруксуздук абалынан чыгарууда жаңы инвестицияларды тартат деген айтылды... Ошентип, еврозона лидерлери Греция премьер-министри Ципрасты сарамжалдуулукка чекит коюу жөнүндөгү убадасынан баш тартууга мажбур кылышты. Алар Ципрасты ушул карыз берген үч тарап бул мамлекетке көзөмөл орнотушу үчүн Греция суверендигинин чоң бөлүгүнөн баш тартууга да мажбур кылышты. Ушуга ылайык, Европанын Грецияны куткаруу планынын алкагында Европа Союзу чукул фонду 2015-жылы 20-июлда Грецияга карыз берди. Бул карыздын көлөмү 7,16 миллиард евро болуп, Эл аралык Валюта Фондуна жана Европа борбордук банкына Греция шашылыш карыздарын төлөшү үчүн берилди. Греция финансы министрлиги «3,5 миллиард еврога жеткен карыз жана бул карызга кошулган пайыз (700 миллион еврого) төлөмдөрүнөн турган 4,2 миллиард еврону Европа борбордук банкына төлөшүн о.э. 2,05 миллиард еврону 2015-жылы 30-июндан баштап төлөнүшү керек болгон карыздар эсебинен төлөшүн билдирди, бул министрлик көлөмү 500 миллион еврого жеткен карызды да Греция борбодук банкына кайтарат» («Шаркул Авсат», 2015-жыл, 20-июль). Демек Европа Союзу фондунан алынган карыз Греция экономикасын куткаруу үчүн эмес, шашылыш төлөнүшү керек болгон карыздарын төлөө үчүн берилди. Бул карыз Греция үстүндө чогулуп жаткан

үлкөн карыздын жана рибанын бир бөлүгү. Ошентип, Греция карыздар баткагына малынган абалда калып кете турган болду.

Ошондон кийин Греция банктары банктык кызматтарга эшиктерин ачты. Бул кызматтар акча алуу жана капиталдарды көзөмөлдөө операцияларына салынган чектөөлөр алкагында кызмат көрсөтө турган болду. Өкмөт токтому менен чектөөлөр эң кеминде дагы бир айга созулат. Өкмөт банктарды үч апталык мөөнөткө жаап койгон эле... Бирок, мындай чара экономиканы жанданта албайт о.э. керектөөчүлөр банктардан акча жана карыз ала албагандыктан көп компаниялар зыян көрөт. Греция парламенти 2015-жылы 16-июлда көпчүлүк добуш менен – 229 депутат жактап, 64 депутат каршы болуп – бул келишимге макулдук берди. Канчалык кымбатка түшсө да еврозонада калууну жан үрөп коргоп жаткан оппозициячыл партиялар добуш берүүдө ушул көпчүлүктү түздү. Премьер-министр Ципрас башчылыгындагы өкүмдар партия Сиризанын добуштары жетиштүү болбоду. Себеби, бул партиядан шайланган 38 депутат добуш берүүнү четке кагып, баш тартты, алардын арасында мурунку каржы министри жана парламент спикеринин орун басары да бар. Ципрастын бул келишимге ыраазылык бериши анын партиясындагы бөлүнүүлөргө себеп болду. Анткени, Ципрас сарамжалдуулук саясатына «жок» деп добуш берген 61% калктын пикирин этибарсыз таштап койду! Акимдер улоо катары колдонгон демократиянын жүзү мына ушундай, акимдер өз кызыкчылыктарына жетишүү үчүн ушул демократия менен калк желкесине минип алышат! Греция парламенти макулдаган бул келишим грек калкы 5-июлдагы референдумда куткаруу планына каршы «жок» деп добуш берген сарамжалдуулуктан өткөн сарамжалдуулук болуп эсептелет... Грециянын мурунку каржы минстри Янис Варуфакис 2015-жылы 18-июлда Би-Би-Сиге мындай деп билдирди: «Грецияга жүктөлгөн реформа программасы экономиканы башкарууда эң чоң кырсык катары тарыхка кирет... Бул программа – аны ишке ашырууга кайсы тарап урунбасын – кыйрайт... Жаңы куткаруу программасын колдорун билдирген Ципрас үчүн

макулдук берүүдөн башка бир да вариант жок эле... Бизге өлүм же моюн сунуунун бирин тандоо сунушталды, натыйжада Ципрас моюн сунуу абзел стратегия деген чечимге келди!».

Экинчи: таасирдүү мамлекеттердин ролу:

1 – Германия: Германия сүйлөшүүлөрдө жана кескин позицияларды туруудa негизги ролду ойноду о.э. пландын колдонулушун катуу талап кылды, эгер Греция шарттарды аткарбай турган болсо еврозонада калбашын билдирди... Германия Греция евродон чыккандан кийин ага ырайым кылбашын, тескерисинче, андан өз карыздарын төлөөнү талап кылышын билдирди. Греция карыздарынын эң чоң бөлүгү немис банктарынан алынганы үчүн Германия ушундай талапты билдирди. Германия Греция келечекте Европа Союзундагы башка мамлекеттерден карыздарды бекер кылууну талап кылышын каалабай жатат. Ошондуктан, Германия Грецияны еврозонадан чыгарып жибермекчи жана муну сүйлөшүүлөрдө билдирүүдө деген кабарлар жылжып чыкты. «Франс Пресс» агенттиги келишимден эки күн мурун т.а. 2015-жылы 11-июлда бир европалык булактын ушул сөздөрүн келтирди: «Германия Грецияны – эгер бул мамлекет жардам планына жетишүү үчүн сунуштаган сунуштарын жакшырта албаса – еврозонадан убактылуу т.а. беш жылга чейин чыгарып туруу планын иштеп чыкты». Сүйлөшүү алып барган немис финансы министри Вольфганг Шойбле мындай иштерде эски саясий түлкү болуп эсептелет... Ошондуктан, мурунку Греция финансы министри Варуфакис мындай деди: «Немис финансы министри Вольфганг Шойбле Грециянын евродон чыгышына сүйлөшүү алып баруунун бирден-бир мүмкүнчүлүгү деген этибарда карап гана калбастан, ал бүткүл еврозонаны өзүнүн талабына моюн сундурууга да аракет кылууда... Ал француздарды коркутуп аларды катуу эрежеге өкүм сүргөн евро регион моделине моюн сундуруу үчүн Грецияны евро региондон кууп чыгармакчы» («Би-Би-Си», 2015-жыл, 11-июль). Белгилүү болгондой, бул Греция министри Янис Варуфакис еврозона финансы министрлерине каршы кескин

позициялары менен белгилүү болгон. Ошон үчүн, анын отставкага чыгышы премьер-министр Ципрастын талабы менен болгонунун ыктымалы күчтүүрөөк. Ципрас бул талапты еврозона финансы министрлери менен жарашуу кадамы катары койгон. Ципрас бул министрлер менен бир нече ирет кагылышкан, алар жана немис финансы министри Греция финансы министринин сүйлөшүүлөрдө катышуусун каалабай калышкан. Ошондуктан, ушул кадам Ципрас жан берүүгө даяр экендиги жана Грециянын евро региондо калышынын тарапкери экендиги туурасындагы ишара болду. Ал еврозонадан чыгуунун акыбеттеринен коркууда. Себеби, эгер Греция еврозонадан чыгып кетсе, Ципрас Греция проблемаларын чече албай калат, ошондо ал эки маселеге жоопкер болуп калат: Ципрас Грециянын еврозонадан чыгып кетишине жана мамлекеттин экономикалык проблемаларына жоопкермин деп эсептейт, бул абалда ал өзү да, өкмөтү да жана партиясы да кулайт... Ошентип, Германиянын бекем турушу, эгер Греция шарттарды аткарбаса, еврозонадан чыгып кетишине маани бербеши – Грециянын алдын четке кагып келген жана кызыл сызык деп эсептеген нерсеге ыраазылык беришинде ийгиликтүү роль ойноду! Бул бир тараптан, башка тааптан болсо Британия 2017-жылы Евро Союзда калуу же андан чыгуу жөнүндө референдум өткөрмөкчү. Британия муну менен европалыктарга басым өткөрүп айла-амал кылууда. Себеби, Британия европалыктарды референдум натыйжаларынан коркутуп, Британиянын чыгып кетиши союзга таасир кылат, ошондуктан, Германия Британияны экономикалык жактан колдоп-кубатташы керек, ошондо Британиядагы адамдар союзда калууну жактап добуш беришет деп уктурмакчы болуп жатат... Ошондуктан, Германия Грецияга карата – жада калса, ал еврозонадан чыгып кеткен тагдырда да – катуу позицияда туруу менен Британияга «Германия экономикалык иштерде союздагы шарттарга тескери иш туткан ар кандай мамлекетке эч качан жеңил карабайт жана ал референдум натыйжаларынан коркпойт» деген мазмундагы ишара жолдомокчу болуп

жатат... Германия Грецияга карата шарттарды аткарышы же евродон чыгышы жаатында мындай катуу позицияны кармանышынын артынан башка карөзгөй максаттарды көздөп жатканы да көрүнүп турат. Бул максаттардын бири – еврозонага о.э. Европа Союзуна жетекчилик кылуу ролун бекемдөө жана Франция менен атаандашып, аны четке сүрүп Европага башчылык кылуу үчүн еврозонада да, Европа Союзунда да таасирдүү экенин билдирип коюу.

2 – Франция: Албетте Франция Европа Союзунда жана региондо негизги ролду ойноп жатат... Бирок, анын таасири Германия таасиринен азыраак. Ошондуктан, Франция, эгер Германия катуу туруп алса, Германиянын пикирине кошулушу анык. Бул, Греция кризисинде анык болуп калды. Себеби, Франция Грецияны еврозонада калтырууга аракет кылууда. Ошондуктан, француз жетекчилиги 2015-жылы 8-июлда билдирүү чыгарып «Олланд Словения өкмөт башчысы менен Елисей сарайында жолугушуу өткөрүү учурунда Грецияны еврозонада алып калуунун маанисин баса белгиледи» («АФП», 2015-жыл, 8-июль). Француз премьер-министри Мануэль Вальс болсо мындай деди: «Франция Грециянын еврозонадан чыгышына жол бербөө үчүн мүмкүнчүлүктөгү бардык ишти жасайт, себеби, эгер ал жүз берсе, геосаясий акыбеттери болот жана дүйнөлүк экономикага зыян жеткирет» («Скай Ньюс», 2015-жыл, 9-июль). Бирок, Франция Германиянын Грецияга карата – бардык шарттарды аткарышы, антпесе, еврозонадан чыгышы тууралында – карманган катуу позициясына каршы чыкпады, натыйжада Греция моюн сунуп, ыраазылык берүүгө мажбур болду... Кандай гана абал болбосун, француздар еврозонадагы жана Европа Союзундагы бийлик кубатын күчөтүүнүн тарапкери. Себеби, алар бул союздун негиздөөчүлөрүнөн эсептелет. Ошондуктан, алар еврозона жана Европа Союзунда жетекчилик ролуна үмүт кылышууда. Себеби, ошондо алар өздөрүнүн эл аралык позицияларын бекемдеп алышат. Ал тургай, француз президенти Франсуа Олланд бул кризистен кийин жана еврозона мүчөлөрү

еврозонага моюн сундурулгандан кийин рухтанып «демократияны бекемдөө үчүн бюджетке жана парламентте ээ еврозона өкмөтүн түзүүгө» чакыра баштады. Ал муну менен Германиянын еврозонадагы азыркы аброюна жакын абройго ээ болууну үмүт кылууда.

3 – Америка: Америка бул маселеге көңүл буруп, аны дыкат күзөттү, «француз жетекчилиги 2015-жылы 29-июнда Америка президенти Обама француз президенти Олланд менен телефон аркылуу байланышканын, экөөсү сүйлөшүүлөрдү кайрадан баштоо, бул кризисти чечип Грециянын финансылык туруктуулугун камсыздоо үчүн мүмкүн болушунча тезирээк мүмкүнчүлүктү ачууга көңүл буруу үчүн биргеликте аракет кылуу туурасында тилектеш экендигин маалымдады» («АФП», 2015-жыл, 29-июнь). Андан бир күн мурун Обама дал ушул максатта немис канцлери Меркель менен телефон аркылуу байланышкан. Америка президенти европалыктарды Грецияны куткаруу, анын проблемаларын чечүү, аны еврозонадан чыгарбоо үчүн сүйлөшүүлөрдү улантууга чакырууда. Ак үй басма сөз катчысы Жош Эрнест мындай деди: «Грецияда референдум болуп өттү, бирок, биздин көз карашыбыз өзгөрүүсүз калууда, биз Грецияга еврозонада калуу мүмкүнчүлүгүн берген чечимди табуу – эки тараптын: европалыктар менен грециялыктардын кызыкчылыгы деген көз караштабыз» («АФП», 2015-жыл, 7-июнь). Америка европалыктарга, өзгөчө Германия жана Францияга акыркы карыздардын бир бөлүгүн бекер кылышы үчүн басым өткөрмөкчү болду. Ушул максатта өзүнүн финансы миинстри Джейкоб Льюну 2015-жылы 16-июлда Берлинге жиберди. Ал өзүнүн немис кесиптеши Вольфганг Шойбле менен жолугушуп, Европа майданындагы негизги оюнчулар кабыл алган чаралар менен таанышты, андан кийин Парижге барып француз кесиптеши Мишель Сапен менен жолугушту, бул турне башталышынан мурун: «Андан максат (турне) дүйнөлүк экономикалык абалды жана Грециянын еврозона алкагында өнүгүшүн грециялык шериктер менен биргеликте талкуулоого этибар берүү» деп маалымдалган. Немис министри Германия Американын

сунуштарын четке кагышын билдирип, «Дойчланд-функ» немис радиосуна мындай деди: «Карыздарды бекер кылуу евро региондун акча союзу мүчөлүгүнө туура келбейт, ошондуктан, мен Грецияга өз ыктыяры менен чыгып кетүүнү сунуштаймын, себеби, ушул нерсе ал үчүн абзел каражат». Демек, Германия карыздарды бекер кылуу мүмкүн эмес деген мазмунда кескин каршы жоопту берди... Ыктымал, бул немис финансы министри Америка саясатына каршы чыгып жаткан сейрек абалдардын бири болсо керек! Обама европалыктарга Греция еврозонада калышы үчүн бул мамлекетке жардам көрсөтүүнү сунуштаган. Америка ушул багытта басым өткөрүүдө. Себеби, Америка Грециянын еврозонада калышын каалоодо. Ошондуктан, Грецияны ишке салуу максатында аны колдоп-кубаттоого аракет кылууда. Анткени, Америка Греция – капитализм түзүмүндө чечүүгө мүмкүнчүлүгү жок экономикалык абалы себептүү – бул региондо алсыз чекит экенин, ошондуктан, ал Европага оор жүк болушун, бул регоинго жана Европа союзуна коркунуч салган жемирүүчү элемент болуп кала беришин жакшы билет. Америка еврого сокку берип, аны кулатууну каалайт. Себеби, евро өсүп күчөдү, бекемделди, дүйнөдө еврону колдонуу майданы кеңейди, натыйжада евро доллар менен атаандаша турган болуп калды. Бул мамлекеттер үчүн бир саясий түзүм жок экенине карабастан, Германия менен Франция еврону сактап калууда бекем турганы үчүн евро ушундай абалга келди... Америка Европа Союзу Америка менен атаандаша турган саясий жана экономикалык күчкө айланышын каалабайт. Ошондуктан, Америка Грециянын жана бул союздагы алсыздык чекиттерин түзгөн башка мамлекеттердин союздун курамында калышын каалоодо. Себеби, ошондо бул союз алсыз бойдон кала берет же кулайт, ошондо Европа Америка таасиринен чыгып кете албайт. Мурун айтып өткөнүбүздөй, Америка кредиттик рейтингди белгилеген компаниялар менен тил бириктирип, Грециянын финансылык абалын жашырууга салым кошкон. Бул рейтинг компаниялары кризисте турган Греция еврозонага кириши үчүн Грециянын

рейтинг деңгээлин жогорулатып көрсөткөн. Мына эми, Грециянын карыздары ачыкка чыгып, евро доллар менен атаандашууга кудуреттүү болбой калды... Мындан кийин Греция жана ага окшогон мамлекеттердин карыз кризиси себептүү евро доллар менен атаандашууга кудуреттүү болбой кала берет... Ошондуктан, Европа Союзу, айрыкча Германия Америка үчүн Европа Союзун, айрыкча, анын акча бирдиги «еврону» күчсүздөнтүп доллардын лидерлигин сактап калуу маанилүү экенин түшүнүп жетиши керек...

Үчүнчү: куткаруу планы жана Греция кризисин чечүү:

1 – Грециянын карыздары 320 миллиард еврого жетип, анын экономикасынан көп эсе ашып кетти. Ошондуктан, Эл аралык Валюта Фонду бул карыздарды «төлөөгө мүмкүн болбогон карыздар» катарына киргизди. Бул фонд Европа лидерлерине 2015-жылы 11-июлда, келишимден мурун сунуштаган документте мындай делген: «Греция карыздарын чечүүнүн мүмкүнчүлүгү жок, аларды карызды жеңилдетүү чаралары аркылуу гана чечүү мүмкүн, бул чаралар өтө узакка созулат». Документте «Греция карызын чечип болбойт, бул карыз Афинанын келерки эки жылдагы ички дүң продукциясынын болжол менен 200%ына жакындашып калган, белгилүү болгондой, бул көрсөткүч азыркы учурда 175%га жеткен» («АФП», 2015-жыл, 15-июль). Мурун Италия өкмөтүнүн башчысы жана евро комиссия башчысы болгон Романо Проди «DeutschlandRadio Kultur» радиосуна 2015-жылы 15-июлда берген интервьюсунда Греция кризиси күчөшүнүн жоопкердигинин бир бөлүгүн Германияга жүктөп мындай деди: «Немис өкмөтү жумшак жолду карманбады, Греция өкмөтү болсо миңдеген каталарга жол койду, бул, анык, бирок, бул жерде Грецияга басым өткөрүп жаткан мажбурлоо мекемеси бар, бул мекеме Грециянын чечим кабыл алуудагы суверендигин да уурдоодо, бул болсо келечекте жаман акыбеттерге алып келет...». Проди «Германия менен бир нече мамлекеттер ортосунда терең аңгек бар экенин» да айтып «Биз дагы да жаманырагына жол бербедик,

бирок, проблеманы чече албадык» деди. Ал дагы мындай дейт: «Дагы да саясий шайкештикке жетишилбесе Европа эки улуу күч: Кошмо Штаттар жана Кытай колониясына айлануу коркунучу астында кала берет». Ошондуктан, еврозонанын гана эмес, бүткүл Европа Союзунун кадамдары бир бекем жер үстүндө эмес, тескерисинче, алыска барбай кулоо алдында турган жерде турат...

2 – Ушуга ылайык, Греция кризиси куткаруу планы менен чечилбеди, ал дагы эле турат жана дагы кайталанса керек. Себеби, үч жылдан кийин Греция мойнундагы карыздар дагы да үйүлүп кетет, акыбетте Греция бул карыздар үстүнө коюлган рибанын бир бөлүгүн да төлөй албай калат. Анткени, азыр Гречиянын мойнунда 320 миллиард евро карыз бар, бул мамлекет келерки үч жыл ичинде дагы 86 миллиард евро карыз алат, бул карыздар үстүнө коюлган риба эселеп көбөйүп, бул мамлекеттин кымбат баалуу кагаздарын камсыздоо төлөмдөрүнөн ашып кетет. Бул мөөнөт бүткөндөн кийин дагы ушул карыздар жөнүндө сөздөр башталат. Ошондуктан, немис канцлери Меркель «Грециянын оор карыздарын жеңилдетүү планын карап чыгууга даяр экенин, бирок, талап кылынган экономикалык реформалар өткөрүлгөндөн кийин карап чыгышын, пайыздык ставкаларды азайтууну жана финансылык төлөмдөр мөөнөтүн узартууну талкуулоо ниетинде экенин» билдирип: «Греция карыздарынын – ал дале жалгыз валютадан пайдаланып жаткан соң – 30 же 40%ын эч качан бекер кылбайбыз», - деди («Би-Би-Си», 2015-жыл, 22-июль). Демек, карыздар сакталып кала берет, алардан айтоор эч нерсе бекер кылынбайт, маселе пайыздык ставкаларды азайтуу гана... Риба болгон пайыздык ставка азайган учурда да, бул, Грецияны куткара албайт, төлөм мөөнөттөрүн узартуу да бул мамлекетти куткара албайт, тескерисинче, проблема тура берет, риба себептүү – риба көрсөткүчү канчалык аз болбосун – карыздын көлөмү ылдам көбөйө берет. Андан тышкары Грецияда бул карыздарды төлөөгө жетиштүү киреше булактары да жок, демек, Греция кудуретсиз жана кыйраган. Эми,

Греция катарына дал ушундай абалды башынан өткөрүп жаткан башка мамлекеттерди да кошо турган болсок, еврозона жана Европа Союзу алсыздык чекиттеринен кыйналат, бул чекиттер еврозона жана Европа Союзу вужудуна коркунуч сала берет деп айтуу мүмкүн.

Ошондуктан, бүткүл дүйнө үчүн проблемаларды Ислам менен гана чечүүдөн башка жол калбады. Себеби, Ислам инсанды ойготот, аны өзүнүн экономикалык жана финансылык түзүмдөрү менен бактылуу кылат, бул түзүмдөр инсандын проблемаларын толук чечип берет. Себеби, Ислам байлыктардын адилет бөлүштүрүлүшүн кепилдейт, бул байлыктар бир ууч байлардын колуна чогулуп калышына жол бербейт. Ислам рибага жана камсыздандырууга тыюу салат, карызга муктаж болуп калган адамдарды кулга айлантууга жол бербейт, Ислам карыз себептүү адамдарды кордой турган шарттар коюуга да тыюу салат. Ошондуктан, адамдар Ислам астында карыз бергендердин ырайымына муктаж болбойт. Демек, инсандар Исламдан башка эч бир түзүмдө эч качан бейпил жашай алышпайт жана эч качан азиздикке жетишишпейт. Латиф, Хабир Аллах акыйкат айтат:

﴿فَمَنِ اتَّبَعَ هُدَايَ فَلَا يَضِلُّ وَلَا يَشْقَى ۝ وَمَنْ أَعْرَضَ عَنْ ذِكْرِي فَإِنَّ لَهُ مَعِيشَةً ضَنْكًا﴾

***«Ким Менин хидаятыма ээрчисе, жолдон адашпайт жана бактысыз болбойт. Ким Менин эскертмемден баш тартса, анда, албетте ал үчүн бактысыз жашоо болот»*** [20:123-124]

**24-июль, 2015-м.**

**Грузия боюнча суроого жооп**

**Суроо:** *Грузияны Түштүк Осетияга шашылыш түрдө чабуул жасоого эмне мажбурлады? Россия тарабынан күчтүү каршылык болушун күтпөгөн беле? Бул согуш эмнеге алып барат?*

**Жооп:** Грузияда согуш отун жаккан Америка экендиги анык. Анткени, Түштүк Осетияны басып алууга аракет кылган Грузия аскерий күчтөрү мындай чоң ишти Американын көрсөтмөсүсүз ишке ашырышы мүмкүн эмес.

Грузиянын чабуулу алдын ала пландаштырылып, Россия үчүн

күтүлбөгөндө жүз берди. Бул согуш грузиялыктар менен осетиндер ортосунда болгондо узакка созулган согуштун башталышы болушу мүмкүн мүмкүн эле. Россия бул чабуулга тим карап турбайт. Эгер, тим турса региондо анын деңгээли түшүп кетет. О.э. Түштүк Осетия үстүнөн болгон көзөмөлүн Грузияга тапшырып койбойт. Анткени, анын көпчүлүк калкы т.а. 70 миң кишиси орустар жана Россияны дос деп эсептегендер, алар орус паспортуна ээ жана Россияга көз каранды болгон Түндүк Осетиянын жарандары болуп саналат. Грузия эч качан Түштүк Осетиядан оңойлук менен баш тартпайт, анткени Түштүк Осетия расмий карталар боюнча анын бир бөлүгү, экинчи тараптан ал осетиндерден 1992-жылы болгон согуштагы жеңилүү ызасын алууну каалайт. Ошол убакта, осетиндер Россиянын жардамы менен Грузиядан бөлүнүп чыгышкан эле. Согуштун Түштүк Осетиядан калкынын саны жана кеңдиги жагынан чоңураак болгон Абхазияга да көчүшүнүн ыктымалы көбүрөөк, Абхазия да ошол жылы Россиянын жардамы менен Грузиядан бөлүнүп чыккан.

Окуялар болуп өткөндөн кийин эле Американын биринчи берген билдирүүлөрү анын Грузия тарабында экендигине далалат кылат. Америка тышкы иштер министрлиги тарабынан сүйлөөчү Гонсало Голивус: «Биз Россия жана Грузиядагы чоң жооптуулар менен байланышта болуп турабыз» деди. Ал дагы: «Биз Москваны Түштүк Осетиядагы бул иштин үстүндө турган башчыларына басым өткөрүүгө чакырабыз, анткени муну менен алар ок атууну токтотушсун», - деп кошуп койду о.э. бул сөзү менен бөлүнүп чыккан эки жетекчини азыркы болуп өткөн окуянын уюштуруучуларынын ордуна коюп койду. Америка админстрациясындагы жооптуу башка билдирүүдө Түштүк Осетиянын Грузияга кошулушу шарт экендигине шилтеме жасап: «Түштүк Осетия проблемасынын чечими Грузия жерлеринин бүтүндүгү негизинде болуш керек», - дейт.

Ал эми, Россияга келсек. Косово Сербиядан бөлүнүп чыгып, эгемендүү болгондон кийин, Россия буга жооп иретинде Түштүк Осетия жана

Абхазиянын Грузиядан бөлүнүп чыгышы, алардын көз карандысыздыгын таанышы менен коркутту. Кээ бир адистердин пикиринче, Грузиянын НАТОго кириши Абхазия менен Түштүк Осетия проблемасынын чечилишине байланыштуу. Көрүнүп тургандай, Грузия президенти Саакашвили НАТОго кошулууга шашылып, убакыттан ашып кетмекчи болду. Ошондуктан, ал Россия Грузиянын ички иштерине аралашуусунан кутулуу жана Россиянын таасиринен бүтүндөй кутулган Литва, Латвия жана Эстония мамлекеттери деңгээлине жетүү үчүн Американын убадаларына ишенип бул согушту баштады. Жогорудагылардан көрүнүп тургандай, Россия менен Грузиянын бул проблеманы чечүүдө бир чечимге жетишүүлөрү күтүлбөйт. Анткени, грузиндер бул проблеманын чечимин күтүүдөн жадашты, орустар болсо, бул маселени «өз регионуна тиешелүү маселе» деп билишет жана алардын бул эки бөлүнүп чыгуудан (Абхазия менен Түштүк Осетиядан) баш тартууларын элестетип да болбойт. Ошондуктан, чечимден эң акыркы күтүлүп жаткан нерсе бүтүндөй толук чечим эмес, балким эки тарап согуштан дем алып жаткан убактагы тынчтыкка гана окшогон нерсе болот. Албетте, бул согуштан пайда көргөн Америка болот, анын бул жерде жогото турган нерсеси жок. Анткени, бул проблема Россиянын боорундагы тикен болуп, анын бар болгон күчүн сууруп алат жана аны узак мөөнөткө башка проблемалардан алаксытып коёт.

**9-август, 2008-м.**

**Евро биримдик боюнча суроолорго жооптор**

**Суроо:** *2005-жылы 27-октябрда Европа союзуна мүчө мамлекеттердин жыйырма беш президенттери Лондондо топтолушту. Бирок, ошол күнү күн батпастан эле таркап кетишти. Алардын саммиттери арзырлык эч нерсени жарыя кылган жок. Мунун мааниси Европа союзу кыйроого жүз тутту дегениби?*

**Жооп:** Бул жерде Европа союзуна күчтүү таасир көрсөтө турган төмөнкү эки иш бар.

1. Улутчулдуктар.

2. Американын фитналары.

Улутчулдук туйгусу адамзаттын табигый көрүнүштөрүнөн бири. Ар бир махлук өз уруусуна үйрөнүп калат. Уруусунун тарабын алып, башкаларга каршы чыгат. Бул табигый туйгуну (проблеманы) Исламдан башкасы эч качан чечип бере албаган жана чечип бере албайт да. Ислам Алла Субханаху бүткүл дүйнөгө рахмат кылып түшүргөн чыныгы дин. Алла Таала айтат:

{إِنَّ أَكْرَمَكُمْ عِنْدَ اللَّهِ أَتْقَاكُمْ}

– *«Албетте силердин Алла алдындагы эң урматтууңар эң такыбадарларыңар».* [49:13]

Пайгамбар с.а.в айтат:

«لا فَضْلَ لِعَرَبِيٍّ عَلَى عَجَمِيٍّ إِلَّا بِالتَّقْوَى»

**«Арабтын ажамдан такыбадан бөлөк эч кандай абзелдиги жок».** Ислам бардык улуттар менен элеттерди бириктирет, бир катарга тизет.

Исламдан башкасы бул проблеманы эч качан чече албайт. Советтер союзунун күчсүз жери да ушул болгон, Европа союзунун да назик жери ушул болуп жатат.

Ошондуктан, Европа союзу мамлекеттеринин кызыкчылыктары алардын саясий иштеринде өздөрү каалагандай аракет кылууга алып келет. Ушуга караганда, айыл чарбачылыгына негизделген Франциянын кызыкчылыктары айыл чарбачылыгына негизделбеген Британиянын кызыкчылыктарына туура келбейт жана башка ушул сыяктуу...

Эми, Американын фитналарына токтололу. Америка айрым мамлекеттер менен, айрыкча, Европа союзуна 2004-жылдын май айында кошулган он мамлекет менен (анткени, алардын көпчүлүгү Америка таасири астындагы региондо жайгашкан) атайын алакалар орнотуп, Европа союзу мамлекеттеринин ичине кирип бармакчы болот. Европа союзунун мурунку президенти Романо Проди 2003-жылы 19-апрелде: «Европа союзуна жаңы мүчө болгон айрым мамлекеттердин Кошмо штаттар менен коопсуздук

маселелерине тиешелүү тармактарда бекем алакалары бар. Анткени, Кошмо штаттар алардын турмуш-тиричилигине таасир өткөзүүдө» деген эле.

Ошондуктан, Европа союзунун жетекчилери топтолушту-го, мурунку саммиттеги чечилбеген проблема өз абалында калды. Негизи, 2004-жылдын июн айында болуп өткөн мурунку саммитте союздун 2007-2013-жылдарындагы бюджети тууралуу келишип алынган эле.

Британия айыл чарбачылыгын колдоп кубатоону четке кагып, аны такыр коргобойт. Соода эркиндигин каалайт, анын бул ишин Дания, Польша жана башкалар колдоп-кубатташат. Франция болсо айыл чарба продукцияларын коргоо жана колдоп кубаттоо керек деп туруп алат. Өзүнүн дыйкандарына таасир көрсөтүп калуудан коркуп, эркин соодадан ачык баш тартат. Анын бул ишин Германия (Шрёдер) колдоп кубаттайт.

Бул жыйында Америка бар да, жок да. Ал дыйканчылыкты ар кандай колдоп-кубаттоодон баш тартат. Европа союзунун жетекчилери Питер Менделсонду колдоп-кубаттоо темасын алып таштоону талкуулоого көндүрдү. Франция болсо жетекчини Европа дыйкандарын эл аралык ат салышуудан коргоочу бажыкана салыктарын кемейтүү тууралуу ар кандай сунушту ортого таштоодон этияттантырды. (Ушуга карабастан, Европа союзунун жетекчиси Лондон саммитинен эки күн өтүп, т.а. 2005-жылы 29-октябрда колдоп-кубаттоону баскычма-баскыч кемейтүү, о.э. бажыкана салыктарын да башка мамлекеттердеги айыл чарба импортторуна карата 36-60% арасында азайтуу сунушу менен чыкты. Ошондой болсо да, Америка 55-90% арасында азайтылышанан башкасына көнбөдү). Эмне болгондо да, эркин сооданы колдоп кубаттоочулар коргоо саясатына каршы күрөшкө убадалашышты. Даниянын премьер министри Расмуссен мындай деди: «Европа ачык экономика жана ат салышууну бекем кармашы, о.э. коргоону таштешы лазым». Кийин июнда пайда болгон келишпөөчүлүктөргө ишара кылып: «Өткөн саммит саясий апаат болду. Биз эң абзел чөйрө жаратышыбыз лазым» деп кошумча кылды.

Блэр «Европа союзунун акчаларын сарптоонун эң акылдуу жолуна» чакырды. Блэр айыл чарба продукцияларын колдоп кубаттоодон баш тартып, Европа союзу келишиминдеги биринчи даражалуу беренелерди жаңылоого келишүүгө аракет кылат. Дал ушул убакытта Франция президенти Франция ишчилеринин коргоосун ашырууну талап кылып, дыйкандарды колдоп кубаттоо үчүн ажыратылган каражаттарды башка максаттарга буруу, аларды (Британия каалагандай) 2013-жылдан мурун ойлоп табуу тарапка багыттандыруу жөнүндө талкуулоону четке какты. Германиянын мурунку канцлери Шрёдер мындай деди: «Британия моделиндеги эркин экономикалык түзүм Европадагы бардык мамлекеттердин моделин түшүндүрбөйт».

Ошентип, жыйын ийгиликсиздикти өзү менен бирге алып барган. Союз мамлекеттери ортосунда башкы пробелма үстүндө карама-каршылык бар. Алар эки топко ажыралышкан. Үчүнчүсү болсо унчукпай турат. Ошондуктан, бир экономикалык талдоочунун Европа союзу саммитин «жетекчилер саммиттин өткөзүүдө бирдей маанайда эмес» деп сүрөттөшү туура сүрөттөө. Айрым гезиттер саммиттин бир күн менен гана чектелиши Франция президенти Шириактын каалоосуна карап болду деген кабарды таркатышты.

Кыскасы, негизи улутчулдар бар болгон соң жана Америкнын Европага мурдун сугушу, ага каршы фитналар уюштурууларын токтотулбай турган болсо, мындай келишпөөчүлүктөр Европа союзунун ич-ичинде сакталып кала берет. Америка Европа союзу түзүлбөстөн мурун да ошол ошол эле. Де Голлду кулатууда да, Шрёдерге каршы уюштурулган фитналарда да анын колу бар экендиги баарына айкын. Ал тургай, телеканалдардан биринде кече 2005-жылы 8-ноябрда орус саясатчысы Жириновский Париж айланасындагы окуяларда да Американын колу бар экендигине ишара кылууда.

Эми, Европа союзунун таркалып кетишине токтоло турган болсок, бул ыктымалдан узак иш. Анткени, уюмдар саясий, финансылык, экономикалык

жактан союз үчүн түзүлгөн. Бирок, алардын бир toктом, саясий биримдикке жана союздун бир бүтүн эл аралык таасир күчүнө жетишиши ушул эки ишке негизделип арсар болуп тура берет деш мүмкүн.

**7-шаввал 1426-х.**

**9-ноябрь 2005-м.**

**Евро Союздагы кризис тууралуу**

**Суроо:** *2011-жылы 12-ноябрь күнү кечкурун Италия премьер-министри Берлускони отставкага кетишин жарыя кылды. Андан үч күн мурун т.а. 2011-жылы 9-ноябрда Йоргос Папандреу грек өкмөтүнүн жетекчилигинен отставкага кетишин жарыялаган. Алардын отставкага кетишине эки мамлекетти силкинткен финансылык жана экономикалык кризис, эң оболу, өздөрүнүн карыз кризиси себеп болду. Бул эки мамлекеттин парламенти сарамжалдоо иш-чараларына жана бул иш-чараларды ишке ашыруу үчүн эки мамлекет Европаны куткаруу планы алкагында Эл аралык Валюта Фонду (ЭВФ) жана Еврокомиссиянын көзөмөлүнө өтүшүнө ыраазылык берди. Бул да ушул отставкаларга себеп болду. Бул эки мамлекетте соңку күндөрдө бири-бирине уланган кризистер менен бирге Ирландия, Португалия, Испанияда да ушуга окшогон кризистер жүз берди. Бул кризистер эки жылдан ашуун убакыттан бери токтобой келе жатат. Жада калса, карыз кризиси Францияга чейин жетти. Акыйкатта болсо, Франция Еврозонадагы эң ири мамлекеттердин бири о.э. Европа Союзундагы эң ири мамлекеттердин катарын толуктайт. Этибарды тарта турган даражада кризистерди башынан өткөрүп жаткан бул мамлекеттердин бардыгы Еврозонада жайгашкан. Эми, ушундай бир суроо туулат. Бул кризистер евронун тагдырына жана Европа Союзуна кирген 27 мамлекеттин 17син өзүнө камтыган Еврозонага канчалык таасири бар? Бүткүл Европа Союзунун тагдырына канчалык таасири бар?*

*Кала берсе, бул кризис башка ири мамлекеттерге: Америкага, Россияга жана Кытайга о.э. Европа Союзунун мүчөсү, бирок, Еврозонага кирбеген Британияга да таасири барбы?*

**Жооп:**

1 – Грециядагы карыз кризиси еврозонага анык таасирин тийгизди. Буга Греция болжол менен 350 миллиард еврого т.а. 482 миллиард долларга жеткен карызын төлөй албашынан тынчсыздануу себеп болду. Бул карыз мамлекеттин ички дүң продукциясынан 160% ашып кетти. Акыбетте, бюджеттеги дефицит 13,6%га жетти. Белгилүү болгондой, Европада жол берилген дефициттин көлөмү 3,5%дан ашпоосу керек. Ошондуктан, Еврокомиссия жана ЭВФ Грециядан «Европаны куткаруу планы» алкагында сарамжалдоо чараларын көрүүнү талап кылды. Бирок, Папандреу кошумча чараларды көрүүдөн баш тартмакчы болуп, бул чаралар байланыштуу референдум өткөрүүгө чакырды. Аны грек өкмөтүндөгү 5 министр о.э. финансы министри да колдоду. Бирок, европалыктар Франциянын Канн шаарына сапар кылышып, эгер грек мамлекети сарамжалдоо планын ишке ашырбаса, кошумча каражаттар ала албашы жөнүндө эскертишкенден кийин Папандреу референдум өткөрүү пикиринен кайтууга мажбур болду. 2011-жылы 11-октябрда донор мамлекеттер Грецияга көлөмү 8 миллиард еврого жеткен алтынчы траншты берүүгө ыраазылык беришти. 2011-жылы 21-октябрда болсо, грек өкмөтү сарамжалдоого тиешелүү кошумча чараларды макулдап, муну менен демонстрацияларга каршы чыкты. Массалык иш таштоо жана Афинадагы күчтүү наарazылык демонстрацияларынын натыйжасында мамлекет бүтүндөй паралич абалга түшүп калды.

2 – Белгилүү болгондой, 2008-жылы ноябрда Европада рецессия (сенектик) жана дефляция башталганы расмий түрдө жарыяланган. Бул абал Америкада дүйнөлүк финансылык кризис жарылгандан эч канча убакыт өтпөстөн жүз берди. Баалуу кагаздардын базарындагы кризис, компания жана банктардын банкрот болушунан турган финансылык жана

экономикалык кризистер биринин артынан бири уланып кетти. Мамлекеттер бул базарларды, компания жана банктарды куткарууга урунуп, мамлекетке оор жүк болгон үлкөн көлөмдөгү каражаттарды ажыратты. Бирок, проблема чечилген жок. Ал тургай, бул нерсе карыз кризисинин себептеринин бири деп да эсептелбеди. Т.а. бул дабаа (чечим) ооруну дагы да курчутуп, оору белгилүү бир жерде эле жайылбастан, тескерисинче, бүткүл экономиканы камтып алды. Мына ушинтип евронун курсу башка дүйнөлүк валюталарга, өзгөчө, долларга салыштырмалуу төмөндөп баштаганда, андан кийин карыз кризиси жүз берүү менен Евро кризиси т.а. мамлекеттин төлөөгө жөндөмдүүлүк кризиси пайда болду. (Төлөөгө жөндөмдүүлүк кризиси – мамлекеттин кирешеси жана ички дүң продукциясынын көлөмү мамлекет тарабынан чыгарылган баалуу кагаздардын көлөмүнөн төмөндөп кетүүсү). Мамлекеттин кирешеси жана ички дүң продукция кандайдыр бир себептерге ылайык, мамлекет тарабынан баалуу кагаздар көрүнүшүндө чыгарылган жана дүйнөдөгү башка мамлекеттер, банктар жана финанасылык мекемелер сатып алган ушул карыздардын көлөмүнөн азайып кетсе, бул мамлекет өзүнүн карыздарын төлөөгө кудуретсиз болуп эсептелет. Натыйжада, бул баалуу кагаздардын баасы төмөндөп, карыздардын үстүнө коюлган пайыздык ставка да, камсыздандыруу баасы да көтөрүлүп кетет. Акыбетте, мамлекеттин карызы дагы да көбөйөт, бул баалуу кагаздарга болгон ишеним жоголот, аларды эч ким сатып албай турган болот, тескерисинче, алардан кутулууга урунат. Себеби, бул баалуу кагаздардын ээси болгон мамлекет аларды төлөй албай калат. Бул болсо, ушул мамлекеттин экономикасына эле эмес, саясий туруктуулугуна жана бийликтин абалына да таасир өткөргөн кризистин жарылышына себеп болот. Соңку кездерде Италияда  ушундай абал жүз берип, Берлускони өкмөтүнүн кулашына алып келген болсо, Грецияда да ушундай абал жүз берип, Папандреу өкмөтү кулаган.

3 – Франция жана Германия Еврозона проблемаларын чечүүгө аракет кылууда. Бирок, алардын ортосунда, негизинен, ушул кризисти

көзөмөлдөөдө, аны жөнгө салууда жана кимдин сунушу кабыл алынышында келишпестиктер бар! Айрыкча, экономика маселеси мамлекеттер үстөмдүгүн камсыздоодо тыгыз байланышып жаткан соң, келишпестиктер негизинен мына ушулар. Себеби, Франция да, Германия да өзүн Европа Союзунун эң чоң башчысы жана жетекчиси деп эсептейт. Экөөсүнүн ортосунда бул Союзда үстөм болуу, токтом чыгаруу жана чечүүчү сөздү айтууда жашыруун атаандаштык бар. Муну Берлиндеги Европа тышкы алакалар кеңешинин мекемесинин төрайымы Орлек Гойрот Евросоюз мамлекеттерине карата айткан мындай сөздөрү туюнткан: «Эгер, бири-бирине бүтүндөй карама-каршы болгон эки тараптан жандашсаңар, бири-бириңер менен кагылышууңар анык, бирок, бул жерде ийгиликтүү-жемиштүү диалог болот деп үмүт кыламын». (Рейтерс, 2011/5/20).

Ошентип, Франция менен Германия тарабынан сунушталып жаткан чечимдерде да алардын ортосундагы келишпестик орун алган. Франция ушул кризистердин чечими катары бир экономикалык өкмөттү түзүүнү сунуш кылган болсо, Германия иш структураларын жана механизмдерин түзүү менен алектенене турган, жаза-чараларды колдоно турган бир экономикалык мекемени түзүүнү сунуш кылды. Германия экономикалык өкмөт түзүүгө ыраазы болгон жок. Себеби, бул өкмөт европа өкмөттөрүнүн көзөмөлүнөн чыккан, бардык мамлекеттерге белгилүү бир экономикалык саясатты мажбурлап жүктөгөн жогорку бийлик деген элести жаратмак. Мындан улам, башка мамлекеттердин суверенитетине зыян жеткендиктен, бул мамлекеттерде тынчсызданую жүз бермек. Ошондуктан, бул сунуш кабыл алынбады. Франция менен Германиянын ортосунда экономикалык өнүгүү маселесинде да келишпестик бар. Германия бүткүл Европа боюнча теңдештирүүгө мүмкүн болбогон соода балансындагы дисбалансга алып келген экспортту активдештирүү үчүн орчундуу оңдоп-түзөтүүлөрдү алып барды. Башка мамлекеттер о.э. Франция миллиарддаган евро көлөмүндөгү соода дефицитине кабылып турганда Германия үлкөн соода профицитине

жетишти. Ошондуктан, Германия башка мамлекеттерден өзүнө ээрчүүнү жана жумуш акыларын азайтууну талап кылып турганда, Франция Германиядан жергиликтүү талапты күчөтүүнү жана импортту кызыктыруу үчүн салыктарды азайтууну талап кылды. Европа туруктуулук фонду боюнча жана бул фондго колдоо көрсөтүүнү көбөйтүүдө да келишпестиктер бар. Германия бул фонддогу салымын немис парламенти 2011-жылы 29-сентябрда ыраазылык бергенден кийин 123 миллиард евродон 211 миллиард еврога көбөйттү. Бул болсо Германия еврону сактап калууга абдан аракет кылып жатканына жана 17 мамлекеттен турган Еврозона мамлекеттеринин колдоосу менен евронын сакаталып калышына аракет кылып жатканына далалат кылат. Европа мамлекеттери дефицитке чек коюшу күтүлгөн туруктуулук келишимин колдоп-кубаттоого убада берген. Бирок, бул келишим кризиске байланыштуу кулады. Германия тарабынан көрсөтүлгөн сунуштардын бири – бул өзүнүн бюджетинде дефициттин өтө жогорулап кетишине жол берген мамлекеттерге финансылык жардам берүүнү тоңдуруп коюу. Еврокомиссия да муну карап көрдү, бирок, бул чара проблеманы чечпейт, тескерисинче, анын уланышына кызмат кылат деген пикирге келди. Германия Европа Союзунун деңгээлинде кабыл алына турган токтомдор маселесинде ушул мамлекеттердин добуш берүү укугун кеминде бир жыл мөөнөткө тоңдуруп коюуну да сунуштады. Бул нерсе Союзда кыйынчылыктарга кабылып жаткан бул мамлекеттердин ролун бекер кылууну түшүндүрөт. Германия башка мамлекеттерди дефицит потологун токтотуу үчүн Германияга ээрчишин, чоң карыздар себептүү орчундуу абалга түшүп калган, Еврозонадан чыгуудан башка аргасы калбаган мамлекеттердин дефолтун жарыя кылуу чараларын иштеп чыгууну да сунуш кылды …

Бирок, бул чечимдер Европа Союзуна өкүмүн өткөрүп жаткан Лиссабон клешимин өзгөртүүнү талап кылды. Бул келишим Союз мамлекеттери ортосундагы кескин келишпестик себептүү абдан кыйын абалда дүйнөгө келген. Бул мамлекеттер Союз ичиндеги көз карандысыз мамлекет катары өз

суверенитетин сактап калууга умтулуп, жалпынын пайдасы үчүн баш тартууга даяр эмес болушкан. Ошондуктан, Германиянын сунушу кабыл алынышы оңой эмес. Германиянын акыркы сунушунда немис финансы министри Вольфганг Шойбле «карыз кризисин чечүү үчүн Еврозона мамлекеттерине жергиликтүү финансылык саясатта көбүрөөк саясий укуктарды берүү»гө чакырган. Ал: «Европа Борбордук банкы – жалпынын эсебинен бир мамлекет үчүн эмес, бардык мамлекеттер үчүн кам көргөн саясатты тартиптештирүү мүмкүнчүлүгүн берген көз карандысыз банк» - деп баса белгилеп өттү. Бирок, ал, ошону менен бирге, минтип кошумчалады: «Бүгүнкү күнгө чейин Европанын ортоктош финансылык саясаты өз ара келишилген жок». (DPA, 2011/11/12). Шойбле Греция проблемаларга кабылып жатканын моюнга алып, муну «тоодой проблемалар» деп атады. Мурун немис канцлери Ангела Меркель билдирүү жасап, Еврозонанын келечегинен эскертип, мындай деген: «Германия эч бир мамлекеттин банкрот болушун каалабайт, себеби, бул, баарынын банкрот болушун түшүндүрмөк». Ал бул сөзүн 2011-жылы 14-ноябрда өзүнүн Христиан-Демократиялык партиясынын Лейпциг шаарында болуп өткөн конференциясында да сөзгө чыгып минтип кайталады: «Европа экинчи дүйнөлүк согуштан бери эң оор күндөрдү башынан өткөрүп жатат… Эгер, евро куласа, Европа да кулайт». Бул болсо, евро жана Еврозонанын сакталып калышы астында кыйынчылыктар, тоскоолдуктар турганын ырастап турат.

Германиянын көптөгөн сунуштары жана эскертүүлөрү о.э. Европа туруктуулук фондуна колдоо көрсөтүп, бул фонддун бюджетин 440 миллиард евродон триллион еврого көтөрүүгө ыраазылык бергендиги, булардын бардыгы немистерди бул проблеманы чечүүгө канчалык зор көңүл буруп жатышканын, Европа акча биримдиги болгон еврону о.э. Еврозонаны сактап калуу эле эмес, балким, Европа Союзун сактап калууга канчалык жан үрөп аракет кылып жатышканын көрсөтүп турат. Бул, Германия жакынкы келечекте евродон, Еврозонадан жана Европа Союзунан баш тартмакчы эмес

дегенди түшүндүрөт. Белгилүү болгондой, евро ушул Союз ийгилигинин сыры, ошондуктан, анын кулашы Союздун кулашын же кыйрашын түшүндүрөт.

4 – Бир тараптан, бул кризис Америкага өзүнүн орчундуу финансылык-экономикалык абалынан о.э. биринчи кезекте, Америка – кризистин булагы экенин адамдардын этибарынан чалгытуу мүмкүнчүлүгүн берди. Ошону менен бирге, европалыктардын Европа Союзуна жана еврого болгон ишенимин жоготуу үчүн аракет кылууда. Себеби, Америка бул Союзду анын валютасы менен кошуп кулатууга же кыйратууга аракет кылып жатат. Эгер, бул нерселер жүз берсе, Европанын Америка менен экономикалык жана эл аралык саясатта атаандаша турган эч кандай эл аралык таасири калбайт. Кала берсе, Америка Европаны моюн сундурууну жана Американын көлөкөсүндө жүрүшүн да каалайт. Ошондуктан, Америка Европага жардам берсе да белгилүү бир деңгээлге чейин жардам берет. Максат, аны Америкага көз каранды кылып алуу же өзүнүн саясында жүрө турган кылып коюу. Ушул себептен улам, Америка ушул айдын башында өткөрүлгөн жыйырмалык саммитте Эл аралык Валюта Фондунун Еврозона кризисин чечүүгө карай кадам таштоо үчүн бериле турган каражатты эки эсеге көбөйтүү жөнүндөгү сунуштарын четке какты. Американын финансы министри Тимоти Гейтнер жыйырмалык саммиттин мамлекеттеринин финансы министрлери жыйыны алдында мындай деди: «Мен Европа Фондуна жардам көрсөтүүнү колдоймун, бирок, Европанын өзүндө бул карыз проблемаларын чечүүгө жетиштүү каражаттар бар... Карыз кризиси эки жылдан бери токтобой келе жаткандан улам, европалыктар көбүрөөк чараларды көрүшү жана муну дагы да чечкиндүүлүк менен аткарышы үчүн АКШ европалыктарга басым өткөрүүнү токтотпоону жактайт». (аль-Жазира, 2011/10/14).

Американын «Стандард энд Пурс» (Standard & Poor's), «Мудиз» (Moody's), «Фитч» (Fitch) сыяктуу белгилүү кредит рейтинги уюмдары да бул мамлекеттердин финансылык абалына болгон ишенимине зыян жеткирүүдө

белгилүү бир роль ойнойт. Себеби, бул уюмдар Испания, Португалия, Италия жана Грециянын рейтингин төмөндөттү. «Мудиз» уюму да 2011-жылы 7-октябрда 21 чакты Европа банктарынын рейтингин төмөндөткөн, алардын арасында ири банктар да бар. Эл аралык Валюта Фонду Европа соода банктарынын өткөн жылдан бери евро кризисинен көргөн зыянын 200 миллиард евронун тегерегинде деп баалады. Андан тышкары, бул банктар өздөрүнүн активдеринен көргөн зыяны 100 миллиард евронун тегерегинде болду. Бул уюмдар рейтингди кайра карап чыгуу учурунда малекеттеги финансылык кризис себептүү тынымсыз көбөйүп жаткан жумушсуздук деңгээлинин көтөрүлүшүн да, белгилүү бир тармактар боюнча карыздардын көбөйүшүн жана бюджеттин дефицит да эсепке алат.

5 – Европа Союзунун дагы бир ири мүчөсү Британиянын позициясына келсек, ал Атлантика океанын четиндеги бурчта Европанын абалына көз салып турат жана өзүн бул Союздун кырсыктарынан о.э. өзү да сокку жеген финансылык кризистин кооптуу акыбеттеринен сактап калууга аракет кылууда. Ал Союздун проблемаларын чечүүдө катышуудан көрө «олжону» издеп табууну жана ага ээ болууну абзел деп билет. Ошондуктан, ал Еврозонага кирген жок, өзүнүн валютасынан баш тартпады, еврону кабыл алууга кызыккан жок. Демек, Британияны евронун тагдыры көп деле кызыктыра бербейт. Еврону кабыл алууга же бул Союзга дагы да көбүрөөк киришип кетүүгө мажбур кылуу максатында бирер тараптан басым өткөрүлбөшү үчүн Британия Европа Союзунан чыгышына чакырып жаткан добуштар да пайда болуп калды. Британия бул Союздун тарапкерлерине күтүлүп жаткан жаман акыбеттерден эскертип ишарат кыла баштады. Британиянын тышкы иштер министри Уильям Хейг: «Евро массалык акмактыктын тарыхий учуру болуп калат» - деди. Ал Еврозонаны «чыгуу эшиктери жок болгон өрттөнүп жаткан» үйгө окшотту. Хейг 1998-жылы консерваторлор партиясынын лидери болуп турганда айткан көз карашын дагы кайталап айтты. Ал Германияны Еврозонадан баш тартууга үндөп:

«Немистерге өмүрүн акырына чейин Греция сыяктуу Союздун күчсүз мүчөлөрүнө жардам берүү милдеттүү болуп калды!» - деди. (Би-Би-Си, 2011/9/28). Британия премьер-министри Девид Кэмерон болсо мындай деди: «Евро кризиси Европа экономикасына эле эмес, бүткүл дүйнөлүк экономикага да коркунуч туудурат». (Би-Би-Си, 2011/10/2). Европа саясатчылары Британиянын канчалык карамүртөз экенин жакшы билет. Еврокомиссиянын төрагасы Жозе Мануэль Баррозу буга ишарат кылып мындай деди: «Еврозонага кирүүнү колдобогон Европа Союзунун мүчөлөрү бул жолдо алга жылууну каалаган мамлекеттерге тоскоолдук кылбоосу керек». (ал-Жазира, 2011/11/10). Муну менен бирге, Британия Европа Союзунан – ырас, бул Союз турган соң – чыгуу ниетинде эмес. Себеби, ал – бул Союзду өзүнүн кызыкчылыктарына кызмат кыла турган токтомдорду чыгарууга тартууга аракет кылып – дүйнө бойлоп саясий үлүштөрдү колго алуу менен бирге экономикалык үлүштөрдү да колго алууга аракет кылып жатат. Тескерисинче, Британия бул Союздан чыкса өзүнө зыян жеткирет. Ал бул Союзга кирүү үчүн көптөгөн жылдар аракет кылган. Ошондуктан, Британия премьер-министри Кэмерон мындай деди: «Британиянын Европа Союзунан чыгышы анын улуттук кызыкчылыктарына кызмат кылбайт. Эгер, Европа Союзунан сыртта болуп калсак, анда абалыбыз Норвегиянын абалына окшоп калат т.а. биз Брюссель чыгарган бардык токтомдордун таасирине моюн сунуп калабыз, бул токтомдорду кабыл алууда катыша албай калабыз». (ИТАР-ТАСС, 2011/11/14). Ошол эле учурда, Кэмерон «Брюсселдеги Еврокомиссиянын укуктарынын чоң бөлүгүн улуттук өкмөттөргө тапшырууга» чакырып, Британиянын суверендигинен баш тартарын четке какты. Демек, Британия Европа Союзунан чыгууну каалабайт, ошону менен бирге, Еврозонага кирүүнү да каалабайт!

6 – Кытай жана Россия болсо евронун сакталып калышынан кызыкдар. Себеби, ошондо Америкага, анын долларына, анын дүйнөлүк экономикадагы зомбулугуна каршы турса болот. Бирок, Кытай менен Россия бул үчүн көп

аракет кылбай жатат. Себеби, Еврозонанын о.э. Европа Союзунун бул экөөсүнө карата позициясы терс. Себеби, Еврозона жана Европа Союзу Кытай менен Россиянын соода иш-аракеттерине чектөөлөрдү киргизген. Мисалы, алардын жана компаниялардын Европадагы аракеттерине жана товарларынын Европага киришине чектөө коюу сыяктуу. Мындан улам, Кытай менен Россия Европага жардам берүү үчүн жан талашып аракет кылган жок. Ошондуктан, Кытай президенти Ху Цзин Тао үстүбүздөгү айдын 3-4-күнү Парижде жыйырмалык саммитине катышып жатып, Кытай Европада кошумча каражат жаткыруу, Еврозона мамлекеттеринин, айрыкча Италия, Греция, Португалия, Испания, Ирландия сыяктуу беш оор абалдагы мамлекеттердин баалуу кагаздарын сатып алуу ниетинде экенин айткан жок. Кытай Европаны ыраазы кылуу үчүн гана баалуу кагаздардан кичине эле бөлүгүн сатып алды. Ху Цзин Тао Франция президенти Саркази менен жыйырмалык саммиттен сыртта жолушуп жатып: «Европа өзүнүн киризисин өзүнүн күчүнө таянып чечиши керек» - деди. (Рейтерс, 2011/11/6). Кытай муну менен Европага жардам берүүнү тымызын четке кагышына ышарат кылды. Европа Кытайдан көлөмү триллион еврога жеткен Европа туруктуулук фондун колдоону талап кылган. Европа азыр бул көлөмдү дагы да көтөрүүгө аракет кылып жатат. Ошол эле учурда, Кытай чоң соода жеңилдиктерин алуунун акысына Америка казынасынын 1,14 триллион доллар көлөмүндөгү баалуу кагаздарын о.э. Америка компанияларынын 1 триллион акциясын сатып алып Америка экономикасына колдоо көрсөткөн. Мындан тышкары маалыматтардын көрсөтүшүнчө, Кытайда 3,2 триллион доллар көлөмүндөгү Америка валютасынын запасы да бар. Бирок, Американын Кытайга өткөргөн саясий таасири чоң болгондуктан Кытай Америка экономикасына колдоо көрсөтүүгө мажбур болуп жатат. Ал эми, Европанын Кытайга өткөрө турган саясий таасири жок…

7 – Мындай шартта Европа Союзу капиталисттик түзүм себептүү финансылык жана экономикалык кризистер баткагына батып калды. Андан

тышкары, токтобой жаткан бул кризистер Европага кулоо жана ыдыроо коркунучун туудуруп жатат. Бирок, Европадагы кризис европалыктарга гана зыян жеткирип калбастан, бүткүл дүйнөгө зыян жеткирет. Себеби, капитализм түзүмү бүткүл дүйнөнү жөргөмүштүн торундай чырмап алган. Адамдар бул түзүмдүн кризистери астында эзилип, муң салып жатат, бул кризистердин акыбетинен абдан оор азап тартышууда. Бул түзүмдү ичинен оңдоо таптакыр мүмкүн эмес. Себеби, анын негизи – бузгунчулук. Ошондуктан, андан туура экономика чыгышы мүмкүн эмес. Демек, чечимди анын сыртынан издөө зарыл. Инсандын табиятына ылайык келген, туура акыйдага таянган туура түзүмдү издөө керек.

Бүгүн дүйнө негизи да, тармактары да туура болгон түзүмгө абдан муктаж болуп турат. Муну ааламдардын Жаратуучусу болгон Роббиден гана алууга болот. Анткени, ааламдардын Роббиси махлуктарды эмне оңдорун жана эмне аларды бактылуу экономикалык турмушка алып чыгарын билет. Инсан бул түзүмсүз тынчсызданып, бактысыз бойдон кала берет.

***«Ким Менин хидаятыма ээрчисе, жолдон адашпайт жана бактысыз болбойт. Ким Менин эскертмемден баш тартса, анда, албетте, ал үчүн тар-бактысыз турмуш болот жана Биз аны Кыямат күнүндө көр абалда тирилтебиз»*** [20:123-124]

**19-зул-хижжа, 1432-х.**

**15-ноябрь, 2011-м.**

## Жер Ортолук деңиздин чыгышындагы газ кризиси

**Суроо:**

*«Миср арабий» сайты: «Геологиялык чалгындоо иштери жогорку темп менен жүрүп жатат, биздин бул ишибизге азыр да, келечекте да эч ким тоскоолдук кыла албайт», - деп айты Түркия мамбашы Эрдоган. Ал бул сөзүн Жер Ортолук деңиздин чыгышында газ чалгындоо иштери башталгандан эки күндөн кийин Миир, Кипр жана Европа санкцияларына карата жаңы чакырык таштоо ирээтинде айтты». (2019-жыл, 28-август).*

*Бул нерсе Жер Ортолук деңиздеги газга карата бул төрт өлкө ортосунда күрөш жүрүп жаткандыгын айгинелейби? Өлкөлөр газ талаша тургандай Жер Ортолук деңиздеги газ кору көппү? Аллах ыраазы болсун.*

**Жооп:**

Ооба, Жер Ортолук деңиздин чыгыш аймагында газ кору маани бере тургандай көлөмдө. Ушул газ коруна болгон күрөш бул төрт мамлекетке ( Түркия, Миср, Кипр ЕБ) гана чектелген эмес. Балким Америка, Орусия жана мубаарак Палестина жерине баскынчылык кылып жаткан «Израилдин» да кызыкчылыгы үлкөн... Ошондой эле, эл аралык таасирге ээ ири мамлекеттер экономикалык жана саясий күрөш алып барууда газды курал катары колдонуп келет. Ал төмөнкүчө:

Биринчиден, Жер Ортолук деңиздин чыгыш аймагында газдын табылышы жана анын маанилүүлүгү:

1. Жер Ортолук деңиздин чыгыш аймагында газ корунун табылышы:

Бул аймакта газдын табылышы 2000-жылы башталган. «British Petroleum», «Газа Marine» компаниясына таандык «British Gas» компаниясы Газа тилкесинде 36 км аралыкты камтыган газ корун тапкан. Андагы газ кору болжол менен триллион куб футту түзөөрү белгиленген. 2009-жылы январда «Тамара» газ кору табылган. Геологиялык изилөөлөргө ылайык, анын запасы 10 триллион куб футту түзөөрү аныкталган. Анын аймагы 90 км аралыкты түзүп, «Израиль» тарабынан басылып алынган Палестинанын түндүк жээгинде 1650 метр деңиз тереңдигинде жайгашкан. Ушул эле жылы Кипрдин түштүк-батыш жээгинде 180 км аймакты камтыган «Aphrodite» газ кору табылган. Анын запасы 9 триллион куб футка жакын болуп, 1700 метр деңиз терендигинде жайгашкан. 2012 жылы «Leviathan» газ кору табылган, анын запасы 17 триллион куб футту түзгөн. Анын аймагы 135 км аралыкты камтып, Палестинанын Haifa шаарына жакын 1600 метр деңиз тереңдигинде жайгашкан.

2015-жылы Италия компаниясы «Eni» Жер Ортолук деңиздин аймагында эң ири газ кору эсептелген Миср жээгине жакын «Зохр» газ корун тапкан. Бул газ кору Мисрдин Порт-Саид шаарынан 200 км алысыраак аралыкта жайгашкан. Анын запасы 30 триллион куб футту түзөт. «Eni» компаниясынын эсептөөлөрүнө ылайык, 2019-жылы 2.5 миллиард куб фут газ өндүрөт. Бул өндүрү Мисрдин 40% газ өндүрүүсүнө туура келет. «Зохр» газ корунан кийин Италиялык «Eni» компаниясы ушул жылдын башында Миср жээгине жакын башка газ корун тапкандыгын жарыялады. Ал газ кору – «Нур». Ал Синаянын түндүгүнөн 50 км аралыкта Жер Ортолук деңизде жайгашкан. Ошондой эле, 2010-жылдагы Америка геологиялык изилдөөлөрүнө ылайык, Миср, Кипр, «Израиль», Сирия жээктерине жакын 122 трилион куб фут табыла элек газ корунун бар болуу ыктымалдуулугу белгиленген. Андан тышкары, болжол менен 107 миллард баррель мунай кору бар экени да көрсөтүлгөн.

Көрүнүп тургандай, иш жүзүндө бул жердеги байлык өтө үлкөн.

2. Жер Ортолук деңиздин чыгышындагы газ байлыгынын маанилүүлүгү.

Бул маанилүүлүк газ корунун табылып калышынан эле келип чыккан жок, балким бул аймак дүйнөлүк мунайдын 47% жана газдын 41% запасына ээлик кылган Ортоңку Чыгыш айтмагында жайгашкан геосаясий абалынан келип чыкты. Жер Ортолук деңизи Азияга, Европага, Африкага ачык болуусу, ошондой эле Босфор, Суэц каналы жана Гибралтар кысыгы аркылуу да соода байланыштарынын болуусу бул маанилүүлүктү жогорулатып турат. Жаңы запастардын табылуулары улануусу Жер Ортолук деңиздин чыгыш аймагындагы мамлекеттердин үмүттөрүнө жол ачты. Ошондой эле, мунай жана газ компанияларынын табити да бул тарапка ачылды. Аймактык күчтөр ортосунда байлыкка ээ болуу жаатында атаандаштык пайда болду. Бул кошумча, байлыкка ээ болуп калуу жана жаңжалдардан пайдалануу ыктымалы бар болгондугу да эл аралык ири мамлекеттердин да көңүлүн өзүнө бурдурду.

Экинчиден, Жер Ортолук деңиздин чыгышындагы газга карата күрөш жүргүзгөн мамлекеттер:

1. Жер Ортолук деңиздеги мамлекеттер:

А. Түрк Кипри жана Грек Кипри. Түрк Кипри аралдын байлыгы анын элине таандык деп билет жана башка мамлекет аны пайдалануусу мүмкүн эмес деп карайт. Бирок, Грек Кипри бул нерсеге тескери иш тутуп, ал өзүнүн экономикалык аймагын (Exclusive Economic Zone EEZ) демаркациялоо иштерин аягына чыгарды. Бул нерсе ага газ байлыгын жеке өзү пайдалануусуна шарт жаратты. Түрк Кипри анын бул кадамына каршы ага окшош жооп кайтарууга өтүп, деңиз аймагындагы чегин аныктады. «Түркия 2011-жылы 15-сентябрда Түндүк Кипр менен жээк линияларын аныктоо боюнча келишимге кол койду». (Түркия сайты, 2018-жыл, 8-ноябрь). Бул иш чаралардын натыйжасында Кипрдеги эки тарап (Түрк жана Грек) белгиленген аймактарда бир-бирине кирип кетүүлөрү орун алган. «Ошондуктан, Түндүк Кипр республикасы 2010-жылы Грек Кипри тарабынан бекитилген бир нече аймактардагы өз акысын талап кылды». (Түрк Пресс, 2019-жыл 11-июль).

Б. Евро Бримдик. Анын негизги камтамасы импортунун булактарын түркүндөтүү аркылуу энергетикалык коопсуздугун бекемдөө болуп саналат. Ошондой эле, камсыз кылуу жолдорун ар тарапташтыруу, айрыкча акыркы жылдарда Америка санкцияларынын кысымы себептүү Орусия-Европа алакалары суздашып кеткен маалда. Ушул багытта Жер Ортолук деңиз газы Европага тең салмактуулулукту алып келет жана Орусия газына көз каранды болуудан арылтат. Айрыкча, түштүк-чыгыш Европа мамлекеттери үчүн. Мына ушундайча Европа бул тең салмактуулукту Европа Биримдигиндеги Грек Кипри, Греция сыяктуу мамлекеттер жана газ-мунай чалгындоочу компаниялар аркылуу пайда кылууга урунууда.

В. Түркия. Түркия БУУнун деңиз аймактарын белгилеп берген конвенциясына мүчө эмес. Анын бирден-бир себеби – Түркиянын Греция

менен Эгей деңизи боюнча талаш-тартышы. Түркия Грек Кипри өзүнүн экономикалык аймагы деп демаркациялаган аймагы Түрк Кипринин расмий жарыялана элек экономикалык аймагына кирип кеткен деп эсептейт... Түркия ушул талапка ылайык, Грек Кипри өзүнүн экономикалык аймагын түзүү тууралуу Миср, «Израиль» жана Ливан менен түзгөн келишимдерин кабыл албайт. Түркия бул аймакта геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү максатында чет өлкөлүк компаниялар үчүн тендер өткөрүү мыйзамсыз деп билет жана Анкаранын укугун бузгандык деп карайт. Эрдоган борбор калаа Анкарада «Адилеттик жана Өнүгүү» партиясынын түзүлгөндүгүнүн 18 жылдыгына арналган иш чарада партиянын колдоочуларынын алдына чыгып сүйлөгөндө мындай деди: «Биз Жер Ортолук деңиздин чыгыш аймагында Түркия кемелери мененбиз, ал кемелерди деңиз күчтөрү коргойт – Эрдоган дагы баса белгилеп айтты – Түркия Түндүк Түрк Кипри республикасы тарабынан уруксат берилген аймакта чалгындоо иштерин улантат». («Савтул Эмират», 2019-жыл, 24-август).

Г. Палестинага баскынчылыгын улантып жаткан «Израилге» газ корлорунун байма-бай табылышы анын Мисрге болгон энергиялык көз карандылыктан бошотот. Ошондой эле, өзүндөгү энергия тармагындагы ири таңсыктыктын ордун толтурат. Муну менен чектелип калбастан, «Израилдин» эсептөөлөрү боюнча, газ саясий жана коопсуздук рычагы болуп калат. Ошондой эле, кошуна араб мамлекеттери, айрыкча Миср, Ливан, Палестина жана Иордания мамлекеттери менен мамилени жөнгө салууда таасирдүү саясий куралдын да ролун аткарат. «Израиль» Греция, Кипр жана Италия менен суммасы алты миллиард еврого (6,8 миллиард долларга) барабар газ түтүгүн «Израилден» ушул үч мамлекетке тартып өтүү келишимине жетишти». («Sunrise News», 2018-жыл, 25-ноябрь). Ушунун баары Европа өзүндөгү энергия булактарын ар тарапташтыруу үчүн аракет кылып жаткандыгында.

Д. Миср. Газ бир гана Мисрдин учурдагы бийлиги үчүн экономикалык баалуулук болуп эсептелбейт. Балким, бул бийлик үчүн, Миср эли өлкө байлыгын туура пайдаланууга мүмкүндүк бере турган ички легитимдүүлүгү жок болуп турган учурда, эл аралык жана аймактык легитимдүүлүгүн чыңдоо максатында газ энергиясын каржат катары пайдалануу негизги мааниге ээ. Ушул жылдын башталышында Миср, «Израиль», Греция Кипр, Италия, Иордания, Палестина «Жер Ортолук деңиздин чыгыш газ форумун» негиздөөнү жарыя кылышты. «Январь айында Миср, «Израиль», Кипр, Греция, Италия, Иордания, Палестина Каирде «Жер Ортолук деңиздин чыгыш газ форуму» негизделгендигин жарыялашты. Бул форум Түркия, Ливан, Сирия, Түрк Киприн бул мамлекеттер Жер Ортолук деңиздин чыгыш аймагы менен чектешип турганына карабастан, түзүлгөндө эле өз сабына кошкон жок». («Халиж онлайн», 2019-жыл, 15-январь).

Е. Бул жерде Жер Ортолук деңиздин чыгышы менен чектешип турган мамлекеттер да бар, бирок алардын таасири жокко эсе. Сирия азыркы абалында. Ливан болсо Франция, Италия жана Орусия компаниялары менен келишим түзгөндүгүнө карабастан, «Израилдин», кийин Палестина бийлигинин аралашуусу себебинен иш баштабастан кечеңдеди.

Жер Ортолук деңиздин жээгине чектеш жайгашпаган мамлекеттер:

А. Америка бул аймакты Жакынкы Чыгыш аймагы алкагында артыкчылыктуу кененирээк мааниде карайт. Көбүнчө «Израилди» энергия агымы менен камсыз кылып берүү менен байланыштыруу аркылуу карайт. Америка Жер Ортолук деңиздин чыгыш аймагын компаниялары жана аймактагы малайлары аркылуу көзөмөлгө алып турат. Ошондой эле, Америка суюлтулган газды Европага экспорт кылуусу өсүп баратат. Ошондуктан, бул аймактагы газга болгон келечектүү көз карашына таасир берет.

Б. Орусия, Жер Ортолук деңиздин чыгыш газы Орусия газынын ордун баса албаса да, Москва Европа базарын монополия кылып алууну жана өзүнүн газ энергия тармагына тескери таасири тийип калуусунун алдын алуу

максатында кандай гана газ долбоорлору болбосун ага катышууну көздөп, ушул багытта иш алып барып жатат. Москва Жер Ортолук деңиздин чыгыш газы күрөшүнө (Ливандагы абал сыяктуу) газ изилдөө компаниялары аркылуу, (Грек Кипри жана Грециядагы абал сыяктуу) акчалай каржылоо аркылуу, (Сириядагы абал сыяктуу ) аскерий жана эки тараптуу келишимдер аркылуу катышып жатат.

Үчүнчүдөн, таасирге ээ мамлекеттер газды экономикалык жана саясий курал катары пайдалануусу:

1. ЕБ. 2018-жылы 20-декабрда Греция, Кипр жана «Израиль» Америка каржылоосундагы Жер Ортолук деңиздин чыгышынан табигый газ куурун Европага алып өтүү долбооруна даяр экендиктерин жарыя кылышты. Бул газ кууру (EastMed) Палестина менен Кипр ортосундагы деңиз жана Греция аркылуу Европа базарына өтөт. Бул газ кууру менен ЕБге Греция жана Италия аркылуу 10 миллиард кубметр газ өтүшү күтүлүүдө. ЕБдин мындагы максаты Орусия табигый газына көз карандылыгын жоюп, өзүнүн энергия импорттоо булактарын ар тарапташыруу болуп саналат. «EastMed» газ долбоору ЕБдин 10-15% табигый газга болгон керектөөсүн кандырат. Муну менен ЕБ энергия булагын ар тарапташтыруу мүмкүнчүлүгүн табат. Орусия газ наркына байланышкан ЕБге болгон таасирин жоготот. ЕБ акыркы жылдар аралыгында тынымсыз өсүп жаткан газдын баасын түшүрүүгө аракет кылышы күтүлөт.

2. Бул Европа тарабынан күтүлө турган нерсе болду. Ал эми, Америка тарабынан күтүлө турган нерсеге келсек, Америка «Nord Stream 2» (Түндүк агымы 2) газ куурун куруун токтотуу максатында Орусияга санкцияларды киргизүү аркылуу жана союздаштарына, айрыкча Германияга карата кысым кылды. Америка Орусиянын бул долбоору Орусия газын Европанын тереңине киргизип баруу аркылуу Орусия Европанын тышкы саясатына таасир өткөрүүчү күчкө айланат деп билди. Энергия булагы – кандай гана мамлекетке болбосун – кысым катары колдонууга мүмкүнчүлүк

жаратат. Ушуга негизделип, Америка ЕБ өлкөлөрүн өзүн энергия булактары менен камсыз кылуу жаатында энергия булагын ар тарапташтыруу алкагында Орусия газынын ордуна  Америкадан суюлтулган табигый газды сатып алууга түртүү үчүн бардык күчүн жумшап жатат. Ошондой эле, атаандаштык чөйрөсүн жаратуу максатында. «Ошондуктан, Американын бул кадамдары Америка, Украина каршы чыгып жаткан, Балтика жана Германия аркылуу жылына 55 миллиард кубметр табигый газ агымы өтө турган газ кууру болгон Nord Stream 2 долбооруна тескери таасирин тийгизет». («Спутник ньюс», 2019-жыл, 1-апрель).

3. Табигый газ менен камсыз кылуу жаатында Америка менен Орусия ортосунда күрөш жана атаандаштык кызуу түс алып баратат. Анткени, 28 мамлекеттен турган ЕБ улуу күч катарында анын калкынын саны 512 миллион, ошондуктан ал дүйнөдө энергия экспорт кылгандар үчүн негизги базар болуп саналат. Айрыкча, табигый газ жаатында негизги базар. Ошондуктан, Орусия мурунтан эле Европаны табыгый газ менен камсыздап аны көзөмөлдөп калууга ашыгып келет. Азыр болсо Америка бул сызыкка кирип келип, сактоого жана ташууга жеңил болгон суюлтулган (LNG) табыгый газды Европага экспорт кылууну көбөйтүү аркылуу Орусияга чакырык таштап жатат. Бирок, бул суюлтулган газ газ түтүгү аркылуу ташылган газ жана башка энергия булактарына салыштырмалуу суюлтулганга кеткен каражатты үчүн кымбатка туруп калып жатат. Бирок, эгер анын баасы атаандаштык жаратууга ылайыктуу баага туура келсе, анда Америка Европаны суюлтулган газ менен камсыз кылууну күчөтүп Орусияга бир топ коркунуч жаратат. Америка муну иш жүзүндө баштады. 2018-жылы октябрда Америка суюултулган табыгый газды Европага экспорт кылуусу Американын суюултулган газ өндүрүп чыгаруусунун 24%ына туура келди. Бул көлөм Америка 2017-жылы Европага карата экспортунун 10%ын түзөт. Бул Американын биринчи жолу эле газды экспорт кылуусундагы көрсөткүчү болду. 2019-жылдын башында Европанын Америкадан газды импорт

кылуусу 13%ды түздү. Муну менен Америка ЕБге газ экспорт кылган үчүнчү ири камсыз кылуучу болуп калды. Бул нерсе Американы сланц мунайын өндүрүшүн күчөтүшүнө да байланыштуу.

4. Корутундулап айтканда, Орусия ЕБди табигый газ менен камсыз кылуусу жана аны көзөмөл кылууга катуу аракет кылуусу ЕБди энергия булактарын ар тарапташтырууга түрттү. Ошондуктан, ЕБ энергия булактарын ар тарапташырууда Америка санкцияларына белчесинен батып турган Орусиянын табыгый газынан алыс «EastMed» долбоорун колдоого алды. Айрыкча, Орусиянын Түндүк деңизде газ өндүрүшү солгундап турган маалда. Ошол эле маалда, Америка ЕБди Орусия газынын ордуна суюлтулган Америка табыгый газын сатып алууга түртүү аркылуу Европанын базарын көзөмөл кылууну каалап жатат, ошондуктан, Орусияны Европа менен Балтика деңизи арылуу байланыштыра турган «Nord Stream 2» долбоорунун ишке ашышына түздөн-түз каршылык көргөздү.

5. Чындыгында Ортоңку Чыгыш аймагы негизинен исламий аймак болуп саналат. Аллах ал жерге мунай, газ жана башка зор байлыктарды тартуу кылып койгон жер. Бирок, ал байлыктарды талап-тоноп, үзүрүн көрүп жаткандар колонизатор кафирлер жана мубаарак Палестина жеринде баскынчылыгын улантып жаткан «Израиль» болуп жатат... Алар ушул байлыктар менен экונимикаларын жандантып, завод-фабрикаларды жана базарларды ишке киргизип жатышат, малай акимдерге ит жеминдей бир нерсе берип, Умматтын байлыгын тоношууда. Негизи, бул байлыктар талап-тоноочулардын эмес, балким жалпы адамдардын байлыгы болуп саналат. Ошондуктан, Умматтын байлыгын колонизатор кафирлерге талатып тонотууга мүмкүндүк берип жаткан бул залим малай акимдерди бийликтен кулатуу – Уммат үчүн важиб. Антпесе, Уммат өз колундагы байлыгын пайдалана албай кур жалак калып, суусун артып алып чаңкагандан өлүп калган сыяктуу бар байлыгын пайлалана албай жакырчылыкта күн кечирет.

Аллахка ыкластык кылуу менен зулумду өзгөртүүгө аракет кылбастан, унчукпай сүкүт сактап турса, зулум сүкүт сактаганды кошо ала жатат. Аллах айтат:

﴿وَاتَّقُوا فِتْنَةً لاَ تُصِيبَنَّ الَّذِينَ ظَلَمُوا مِنْكُمْ خَاصَّةً وَاعْلَمُوا أَنَّ اللَّهَ شَدِيدُ الْعِقَابِ﴾

***«Силерден жалаң залим кимселердин өзүнө гана жетпей*** *(балким, баарына жете турган)* ***балээден сактангыла жана билип койгула, албетте Аллахтын азабы катуу»*** [8:25]

Зулум кылуучу аны көрүп туруп тыйып өзгөртүүгө аракет кылбагандарды өз зулуму менен кошо жапа чектирет.

إِنَّ فِي هَذَا لَبَلاَغاً لِقَوْمٍ عَابِدِينَ

***«Бул куранда Аллахка ибаадат кылуучу кооом үчүн жетиштүү үлгү бар»***

**1-сентябрь, 2019-ж.**

## Индия тууралуу суроолорго жооптор

## Индиядагы саясий окуялар

**Суроо:** *Индиядагы шайлоонун натыйжалары Улуттук конгресс партиясынын жеңишке жетишкендигин көрсөтөрү менен, бул партиянын төрайымы Соня Гандинин Италия жараны экендиги жөнүндөгү маселе козголду. Негизи, анын Италия жарандыгын таштап, мыйзамдуу түрдө индия жараны болгондугу анык эле. Анын Италиянын мурунку жараны экендигин козгогон маселе ушунчалык ачык түстө көтөрүлүп, Бхаратия Жаната партиясынан шайланган депутаттар ушуну хужжат кылып парламенттен чыгып кетебиз деп коркутушту. Кийин буга ар түрдүү тартышуулар кошулуп, бул нерсе Соня Гандини премьер-министрликке коюлган талапкерлигин алып таштоого алып келди. Бул иш, Улуттук конгресс партиясы мамлекет башына келери менен дароо аларга Американын ар кыл кыйынчылыктарды пайда кылмакчы экендигин билдиреби?*

**Жооп:** Ооба, абдан туура. Америка Индияны саясий жактан бышкан абалында, Индия жарым аралында жаңыдан Британия таасирине кайра өтүп кетишине оңойлук менен жол бере койбойт. Ошондуктан, Соня башчылыгында Улуттук конгресс шайлоолордо жеңип чыгып, ийгиликке жетишкенден кийин, анын мурунку жарандыгы жөнүндөгү маселени Америка чеңгели кыймылга келтиргендигинин ыктымалы бар.

Бул нерсени жакшы түшүнүп алуу үчүн бир азыраак артка кайрылабыз. Улуттук конгресстин англичандарга берилгендиги белгилүү, себеби, бул партия анын көз алдында өнүп-өстү (жетиштирилди). Британия саясатын бекемдөөдө жана бул саясатта Америка саясатына бетме-бет туруууда эң активдүү партия жетекчилеринин бири Неру эле. Ага бул иште Гандинин үй-бүлөсү кошулду (Индира Ганди жана анын эки уулу – Санжай жана Ражив). Америка алар менен дайыма күрөштө болгон, Ражив Гандинин өлтүрүлүшүндө Американын ролу бар экендиги ыктымал кылынат. Анын ордуна премьер-министр болуп Нарасино Раонун дайындалышы муну тастыктайт. Себеби, ал Улуттук конгресс партиясындагы Америка менен жарашуу керек дей турган орточул позицияны карманган таанымал кишилерден. Айрыкча, анын финансы министри кылып Манмахан Сингхти дайындашы да жогорудагы пикирди тастыктайт. Анткени, ал (Сингх) Индияда Америка инвестициясын колдоп-кубаттагандыгы менен таанымал эле. Бул финансы министри америкалык ири инвесторлор менен, өзгөчө, электроника тармагында экономикалык мамилелерди жаратты. Соня Гандинин ордуна мына ушул мурунку финансы министринин талапкерлиги коюлушу жана анын төрага болуп калышынын мүмкүндүгү да бул иштердин артында Американин өзгөчө басымы бар экендигине далалат кылууда.

Кандай болгон күндө да, Америкага Улуттук конгресс партиясын колго алуу оңойго турбайт. Себеби, бул партия англичандардын таянычтарынын бири. Бирок, Америка сегиз жылдан бери өз таасирин өткөрүп келе жаткан Индияны оңойлук менен таштап кетпейт. Жана ал бул жолдо

мүмкүнчүлүгүндө болгон бардык нерселерди ишке салат. Анын ичинде, Улуттук конгресс партиясынын ичине кирип алуу үчүн коркутууну, же кызыктырууну, же болбосо, анын алдына ар кандай кыйынчылыктарды пайда кылууну, Конгресс менен блок түзгөн партиялар аркылуу коалициялык өкмөттөгү биримдикти бузууга аракет кылууну ж.б. иштерди амалга ашырат. Себеби, Улуттук конгресстин жалгыз өзү парламентте көпчүлүк добушка ээ боло албайт. Бирок, Британиянын саясий аярдыгын жана Улуттук конгресс партиясынын байыркылыгын эске алып, биз Америка ийгиликке жетише албайт деп ойлойбуз. Британия жана Улуттук конгресс партиясы Американын алдында жумшак мамилеге сүйөнөт. Бул адат Британиянын Ортоңку Чыгыштагы эле эмес, балким, Американын алдындагы да адаты, сыртынан ага жумшактык кылымыш болуп, ичинен аны кыйын акыбалга салып коюуга аракет кылат. Ушуну менен бирге, Британия Улуттук конгресс партияси аркылуу Индия жарым аралында, айрыкча Пакистанда, Американын таасирин туруксуздаштыруу үчүн ыңгайлуу учурду колдон чыгарбайт. Британия Индия жарым аралындагы мурунку таасирин толугу менен тикелей албаса да, жок дегенде, бул таасирде Америка менен шерик болуу үчүн бул ыңгайлуу учурдан пайдаланат.

**9-рабиул охир 1425-х.**

**28-май 2004-м.**

## Кашмирдеги жаңылыктар

Конгресс партиясындагы ортозар канат мүчөлөрү 2005-жылы 3-июнда Пакистанга эки апталык сапар менен келди. Бул канатка Мирвойиз Умар Фарук жана бир канча жетекчилер жетекчилик кылат. Алардын эң этибарга ылайыгыраактары Мавлавий Аббас Ансарий, Абдулганий Батт, Ясин Малик жана Билал Гани Лут эле. Кашмирге тиешелүү Америка жол картасын алга жылдыруу максатында Индия менен Пакистан бул сапарды оңойлоштурду. Демократиялык эркиндик партиясынын (DFP) Жийланий жана Шабир Ахмад Шах сыяктуу айрым жетекчилерине сапар документтери (виза) берилишине

тыюу салынды. О.э. Пакистан Жийланийди 2005-жылы 29-июнда Йемендын Санья шаарында өткөзүлгөн Исламий конференция уюму (OIC) жыйынына катышуусуна тыюу салып, болуп көрбөгөндөй кадам койду. Мирвойиздин сапары учурунда Пакистан өкмөтү менен бир канча маанилүү маселелер талкуу кылынды. Алар кыскача кылып айтканда төмөнкүлөрдөн турат:

1. Кашмирдеги күрөштү чечүү үчүн БУУ Коопсуздук кеңешинин токтомунан баш тартуу

2005-жылы 9-июнда президент генерал Первез Мушарраф учурашуусунан бир күн кийин Пакистанга келген APHC (**All Parties Hurriyat Conference** – Партиялар аралык эркиндик кеңеши) делегациясы «БУУ өзүнүн Кашмир туурасындагы токтомдорун колдонууда ийгиликсиздикке учурады, бул маселени чечүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү издөөнүн мезгили келди» деп маалым кылды. Мирвойиз: «БУУ Кашмирге тиешелүү токтомдорун колдонууда ийгиликсиздикке учурады. Негизги маселе боюнча жаңы мүмкүнчүлүктөр ачуунун убагы келди… Эгер БУУ токтомдорун колдонууга өзүбүздү мажбурласак, дагы 100 миң кашмирликтин өмүрүн курман кылууга мажбур болобуз» деп билдирүү жасады. БУУнун өз токтомдорун колдонушуна тиешелүү журналын текшерип чыккандан кийин ушундай логикалык тыянакка келгенин айтып: «Бизде Палестина жана башка бир канча маселелелер жаатында ушундай мисалдар бар, аларда БУУ өз токтомдорун колдонууда ийгиликсиздикке учураган», - деп сөзүн улантты ал.

Мирвойиз өз позициясын «APHC арызы мага БУУ токтомдорунун колдонулушу менен бирге анын ордун басуучу нерселерди издеп табууга кыйырлар ачып берди» деп түшүндүрдү. Мирвойиздин БУУ токтомдорунан кескин алысташы Мушаррафтын ушул маселедеги позициясы менен бирге кетүүдө.

Мушарраф алгач 2003-жылы 18-ноябрда берген билдирүүсүндө БУУ токтомдорунан четтөө максатына каршылык билдирип, мындай деген эле:

«Биз БУУ алдындагы Коопсуздук кеңешинин позициясы кандай болушуна карабастан, анын чыгарган токтому менен биргебиз. Бирок, азыр аны өз ордунда калтырдык. Бул маселени чечмекчи болсок, тараптар бири-бирине жумшак сүйлөөлөрү жана каердедир, жарым жолдо учурашуулары үчүн азыркы позицияларын жеңип өтүүлөрү керек».

Акыры келип, Америка Пакистан менен Индия көмөгүндө, Кашмирдин саясий башкаруусун бөлүп таштоого жетишти. Бул болсо, Мирвойиз башчылык кылып жаткан жана бул жаңжалда негизги позицияга ээ болгон ортазар канатты колдоп-кубаттоо аркылуу ишке ашырылды. Мирвойиз канаты Индия менен Пакистан ортосундагы узак жаңжалды чечүүдө БУУ токтомдорун атайын билмексенге салды. Аныгы, мындай позиция Кашмир боюнча Американын туткан азыркы позициясына туура келет. 2001-жылы 20-июлда Америка мамлекеттик катчысынын Түштүк Азия иштери боюнча жардамчысы Кристина Рокка мындай деген эле: «Биздин азыркы позициябыз Кашмир калкы коопсуздуктарын этибарга алган абалда, Индия менен Пакистан ортосундагы Кашмир проблемаларына чечим табуунун зарылдыгы». Чындыгында эле, Америка Кашмир жаңжалын чечүү максатында гана алгач БУУ токтомдорун колдоп-кубаттаган эле. Мамлекеттик катчынын Түштүк Азия боюнча жардамчысы Робин Рафел 1993-жылы октябрь айында: «Биз, Кошмо штаттары, Кашмирди кошуп жиберүү боюнча мыйзамдык укукту тан албайбыз. Т.а. ал Индиянын ажыралгыс бөлүгү болуп калбайт», - деп билдирген эле.

Бирок, Америка тарапкери болгон Бхарата Жаната партиясы Индиядагы бийликти колго алгандан кийин Кошмо штаттар өз позициясын өзгөрттү.

Британия тарапкери болгон Конгресс партиясы 2004-жылы бийликти колго алышы менен Америка менен Пакистан өз позицияларын өзгөртүшү күтүлгөн эле. Бирок, Мушарраф бийлигинин Индияда чоң таасирге жетишүү боюнча Америка каалоосуна ийилүүдө «каармандык» көрсөтүшү менен Америка Кашмирдеги жаңжалга чечим табууну улантууну чечти.

Кыйладан бери Британия тынчтык амалиятын алкыштап келер эле. Британия тышкы иштер министрлиги Мирвойиздин Пакистанга жасаган визитин мактады. Британия жана Шериктештик тышкы иштер министрлигинин атынан сүйлөөчү адам «APHC жетекчилеринин Пакистанга сапар кылышы Түштүк Азиядагы эки коңшу арасында тынчтык амалияты улантылып жатканынын натыйжасында болгон» деди.

Британия көзөмөлү астында болгон Конгресс партиясы Американын Пакистан жана Афганистандагы алсыздыгынан о.э. Американын Индияга карай аракет кылуусунан толук пайдаланып калууга ыктады. Муну менен Индия Кашмир жаңжалынан оң натыйжаны, ушуну менен бирге, Индия менен Пакистан ортосундагы алакаларды нормалдаштыруучу кеңейтирилген амалиятты да колго киргизүүгө умтулууда.

**2. Жаңжал жаатында ортозар кашмирликтердин үгүтү**

Генерал Мушарраф менен болгон сүйлөшүү учурунда Мирвойиз Пакистан менен Индиядан Кашмир темасын белгилүү бир доор ичинде талкуу кылуу үчүн бир стратегия иштеп чыгылышын жана тынчтык амалиятында кашмирликтер өкүлдүгү кепилденишин сурады. «APHCнин азат Кашмир жана Пакистанга кылган тарыхый сапары аркылуу башталган үч жактама сүйлөшүүлөр учурдагы шартта эң абзел ыкма» дегенде, муну президент Мушарраф да алкыштады. Үч жактама сүйлөшүүлөр кийинчерээк үч бөлүктөн турган сүйлөшүүлөргө айланып кетиши мүмкүн деп сөзүн улантып: «APHCнин Пакистанга кылган сапары Кашмирди тынчтык амалиятына кошуп жиберүү максатында коюлган биринчи кадам», - деди ал.

Негизин алганда, бул сапар Мирвойиз Кашмир калкынын APHCдеги канатын мыйзамдаштырып, аны үгүттөө максатында уюштурулган эле. 2005-жылы 16-июнда Мирвойиз Пакистанга кылган сапары артындагы чыныгы максатты ачып, мындай деди: «Биз Индия менен Пакистан ортосунда тынчтык амалияты күчөтүлүшүн өтө каалайбыз. Чегаралар ара кылган сапарыбыз ушул амалияттын бир бөлүгү гана». Пакистанга кайтар учурунда

ал кашмирлик каршылык көрсөтүүчүлөр менен Индия кошууну ортосунда ок атуунун токтотулушуна чакырды. О.э. Индия менен сүйлөшүүлөр өткөзүүгө даяр экендигин билдирип, 2005-жылы 26-июнда ал мындай деди: «Пакистан менен амалий сүйлөшүүлөр алып бардык. Нью-Дели менен да кайрадан сүйлөшүүлөр баштоого даярбыз. Биз илгерки тынчтык амалиятын алдыга жылдырууга даяр экенибизди расмий эмес канал аркылуу Нью-Делиге айткан элек». Мирвойиздин даңкын Ислам ааламы боюнча кең жаюуну макул тапкан Пакистан анын Саньада өткөзүлө турган OIC саммитине катышуусуна даярдык көрдү.

Пакистан жана Индияда даңк тараткан Мирвойиз, калк алдында дагы да таанымал болуу максатында, эми Кашмирге тынбай барды-келди кылуу кампаниясын баштап жиберди. Мирвойиз канаты өз пикирлерин жалпы калкка таркатуу үчүн жалпы жүрүштөр кылууга даярдык көрүүдө. Бул жүрүштөрдүн биринчиси 2005-жылы 5-июлда Хондуварда өткөзүлдү.

Демек, бул билдирүүлөрдөн о.э. Пакистан менен Индиянын иш жүргүзүүлөрүнөн ушул нерсе ачык көрүнүп турат, Кашмир калкы өзүнүн Индия баскынчылыгынан азат кылуудагы илгерки ролун ойноп бериши үчүн Мирвойиз менен анын партиясын тандашкан.

**3. Азыркы абал туура келбейт**

Мирвойиздин айтымында, APHC жетекчилери жана президент Мушарраф «азыркы абал» пакистандыктарга да, Кашмирликтерге да макул келбейт, мындан тышкары, LoCту (бөлүнүү сызыгын) туруктуу чегараларга айландырып да болбойт деген негизги нукталарга ыраазылык билдиришкен. Ал бул эки иш биринчи кезектеги иштердин эң өйдөсүндө турганын жана башка ишти да талкуу кылуу мүмкүндүгүн айтып: «Биз Пакистандын турмуш чындыгына дал келген, оң жана олуттуу жол менен Кашмир жаңжалын чечүүгө карай кадам таштап жатканына абдан ыраазыбыз», - деди. «Dawnm Group» гезитинин редакциясы тарабынан Пакистандагы адам укуктары комиссиясы, Пакистан тынчтык келишими жана дүйнөлүк иштер боюнча

Исламабад кеңешинин кызматташтыгында 2005-жылы 10-июнда уюштурулган «Кашмир туурасындагы жыйын: келечекти көрө алуу» деп аталган межлисте Мирвойиз мындай деди: «Биз Кашмирде бириккен мамлекеттер перзенттери болуп калууну каалайбыз о.э. жаңы сунуштар менен чыгышы үчүн Кашмир жетекчилигин Индия менен Пакистан эркин коюшун каалайбыз». Мушаррафтын өткөн айда Автралияга кылган сапары учурунда «эгер бир келишимге келүү мүмкүн болсо, Кашмирдеги автономия… эң чоң каалоолорумдан» дегени о.э. «Индия менен Пакистан Кашмирдин толук эгемендүүлүккө жетишине эч качан ыраазы болбойт» дегени, кала берсе, Манмахан Сингхтин «Индия чек араларды кайрадан сызып чыгууну эч качан кабыл албайт» дегени жергиликтүү гезиттерде келтирилген эле.

Бул билдирүүлөр түшүндүрүп тургандай, эгемендүү Кашмир мамлекетин тикелөөнүн да, LoCту туруктуу чегарага айлантуунун да ылажысы жок. Анткени, алар үч тараптан четке кагылган. Ошентип, бир гана чечим калып жатат, ал да болсо Мушарраф сунуш кылган жана Кашмирдеги Кошмо штаттар тарабынан каражат менен камсыздалган изилдөө жамааты капилеттен иштеп чыккан чечим. Бул сунушта мындай деп көрсөтүлгөн.

1. «1947-жылдан мурун мамлекет болгон, азыр болсо Индия башкарып жаткан региондо үч вужуд: Кашмир, Жамму жана Ладах тикеленет. Бул үч өкмөт болсо иштерди, мисалы, ички соода жана транспорт каттамдарын алардын иш жүргүзүүчү структурада катышат.

2. Азыркы убакта Пакистан башкарып жаткан эки вужуд: Азат Кашмир жана түндүк региондор тикеленет. Алар да Индия тарабына окшойт. Алардын ар биринин өкүлдүгү алардын пайдасына иш жүргүзүүчү курамдык структурада алып барылат.

3. Регионалдык соода, туризм, айлана-чөйрө жана суу булактары сыяктуу чоң иштерди тартиптештирүүчү Кашмир корпусу түзүлөт жана бул корпус беш региондогу т.а. Индия жана Пакистандагы өкүлдөрдөн куралат.

Мына бул вужуддарда мыйзам жана ички түзүмдү коргоо үчүн полиция күчтөрү болсо да, Индия менен Пакистан аларды коргоп турууда жоопкер болот. Индия менен Пакистан ушул региондор үчүн финансылык уюмдар белгилеши күтүлүүдө. Бул региондордун чегаралары Индия менен Пакистанга ачык болуп, адамдардын өтүп-кайтышы о.э. товар жана кызматтарды алып өтүү да бекер болот. Булар болсо ушул региондор, Индия жана Пакистан ортосунда түзүлгөн тартиптер аркылуу ишке ашырылат. Азыркы башкаруу сызыгына токтолсок, качан Индия менен Пакистан аны өз кызыкчылыктарына ылайык өзгөртүүгө токтом кылганга чейин ал өз ордунда калат. Индия менен Пакистан ушул региондор үстүнөн куралсыздандыруу иштерин алып барат. Индия же Пакистан башкаруу сызыгынан наркы тарапка ошол мамлекет ыраазы болбостон туруп күчтөр таркатуу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес».

Муну менен мурунку эки сунуштун ортосундагы айырма көрүнүп турат, Кашмирдин бөлүп ташталышы дин негизинде болбостон, географиялык жакка негизделиши, мындан тышкары, LoC сызыгынын «жеңил чегаралар»га алмаштырылышы Индия калкына ырахат тартуулайт. Себеби, Пакистандын Индияга караштуу вилаят болуп калышы жана акыры келип аны өз мекенине кайра кошуп алуу мүмкүндүгү аларды ыраазы кылууда. Ошол эле учурда, Кашмир жол картасынын негизи да ушундан турган болуп, бардык партиялар ушул негизде иш алып барууда.

Бул сунуштар туурасында Индия тарабынан күчтүү реакция билдирилбеди. Себеби, негизин алганда, APHCден ортазар канат түзүү максатында Индиянын Пакистан менен кызматташтык кылышы индия саясий структурасынын бул сунушка олуттуу жандашып жатканын түшүндүрөт. Ушуга карабастан, Сингх оң сунуштарды сунуш кыла баштады о.э. Сиачен тоосу жаатында эки мамлекет ортосундагы кескиндикти жоюу максатында жол картасын даярдады. Өткөн айда Кашмирде муз тоосуна

кылган сапары учурунда Сингх «Сиачен Индия менен Пакистан ортосундагы «тынчтык тоосу»на айланышы керек», - деди.

Тыянак: Мирвойиздин пайда болушу менен Кашмир проблемасы бир нече жактан Жакынкы Чыгыштагы тынчтык иш-чарасына окшоп калды. Мирвойиз да – кудум Абу Мозин сыяктуу – каршылык кыймылы согушчандары менен, мындан тышкары, бир канча тараптан туш келе турган тосуктар менен мамиле кылышы керек. Абу Мозин сыяктуу Мирвойиз да Кашмирдин болочок шайлоолорунда мыйзамдуулугун көтөрүү максатында өзүнө каршылаш болгон кишилерге кошоматчылык кылышы керек. Кашмир калкы болсо – кудум Палестина калкы сыяктуу – өзүнө карата Пакистан жана Ислам ааламынын башка жетекчилери тарабынан кыянат кылынганын көрдү, анткени, алар азыр Кашмир калкына каршы Индия менен бирге турушат. Кашмирлик мусулмандарга Палестина калкы сыяктуу Индия баскынына каршы өздөрү күрөшүүлөрү керек.

Пакистан калкына келсек, Кашмирди азат кылуу үчүн 58 жылдан бери перзенттерин жиберип, кандар төгүшкөнүнөн кийин, эми кантип Индиядан арзыбас чектер үчүн чыгып кеткени жөнүндө жакында Мушаррафка суроо беришет. Батыш мамлекеттери тарабынан сунуш кылынган чечимдерге таянып, Кашмир проблемасын чечүү мүмкүн эмес. Ар кандай абалда Батыш күчтөрү өз арам ниеттерине, Индия жана (Израил) сыяктуу союздаштарынын ой-тилектерине жетишүү максатында мусулмандар үчүн пикирий, саясий жана материалдык күчтөрдү ишке салат. Ушундай болгон соң, Халифалык гана бул күчтөрдү басып алынган жерлерди азат кылуу жана Батыш күчтөрүн Ислам ааламынын иштерине аралашуудан тыйып коюу максатында иштетиши мүмкүн.

**1-жумадул-ахир 1426-х.**

**7-июль 2005-м.**

## Индия-АКШ алакасы тууралуу

***Суроо:*** *Обама менен Моди ортосундагы акыркы жолугушуу маалымат каражаттарында активдүү ачыкталды. Бирок, бул жолугушуудан эч кандай ишке аша турган токтом келип чыкпады. Көрүнүшүнөн, Кошмо Штаттар менен Индия жана Бхартия Жаната партиясы ортосунда дагы эле бирер проблема бар окшойт. Эки тарап ортосундагы мына ошол келише албай жаткан маселелерди көрсөтүп берүү мүмкүнбү?*

*Индиядагы Бхартия Жаната партиясы о.э. Пакистандагы Наваз партиясынын Кошмо Штаттарга ишенимдүүлүгү жана Кашмир маселеси Индияны алдан тайдырып жатканы эсепке алынса эмне үчүн Индия Кашмир проблемасын чечүүдө убакытты созуп жатат?*

*Аллах сизге жакшылыкты тартууласын.*

**Жооп:**

**Биринчи:** Америка менен Моди башында турган Индия мамлекети ортосундагы алакаларды түшүнүү үчүн төмөнкү чекиттерди этибарга алуу керек:

1 – Моди Конгресс партиясынын он жылдык башкаруусунда Индия менен Америка ортосундагы алакаларда пайда болгон проблемалардын оор жүгүн мурас кылып алды. Себеби, мындан мурда Бхартия Жаната партиясы башкаруусу жылдарында Нью-Дели менен Вашингтон ортосундагы алакалар болуп көрбөгөндөй жанданган эле. Бирок, мунун бардыгы 2004-жылы Бхартия Жаната партиясы жалпы шайлоолордо жеңилип, Британияга ишенимдүү болгон Конгресс партиясы бийликке келген кезде өзгөрүп кетти. 2010-жылы Индия парламенти «ядролук жоопкерчилик» мыйзамын чыгарды, бул мыйзам ядролук энергия станцияларына сырьё жеткирип берүүчүлөргө ашыкча чектөөлөрдү койду. Максат, Кошмо Штаттар жана анын компанияларын Индия базарына кирүүдөн тыйып коюу эле. Бул мыйзамдын күчкө кириши 2005-жылы Америка менен түзүлгөн тынчтык максаттардагы ядролук келишимди мүмкүнчүлүгү болбогон ишке айландырып койду. Башка

тараптан болсо Нью-Дели Американын Кашмир боюнча диалог баштоодогу аракеттерин жанталашып четке какты жана 2008-жылдагы Мумбай чабуулдарынан кийин Вашингтондон Пакистанга каршы катуу чараларын көрүүнү талап кылды. Американын БРИКС мамлекеттерине (Бразилия, Россия, Индия, Кытай, Түштүк Африкага) басым өткөрүшү себептүү Нью-Дели менен Вашингтон ортосунда келишпестик пайда болду жана бул келишпестик бир нече соода-экономикалык чатактарга да байланыштуу. Түпкүлүгүндө, бул эки мамлекет ортосунда көптөгөн ортоктош соода алакалары болушу – бул алакалар Конгресс партиясы башкаруусу жылдарында пайда болгон эле – күтүлгөн эле. Бирок, Кошмо Штаттар мисалы күн панелдерине «Индияда иштелип чыккан» деген мөөр басылышына каршы чыгып, муну Дүйнөлүк Соода Уюмунун мыйзамдарын бузуу деп баалады. Индия азыркыга чейин – Кошмо Штаттар 2013-жылы Дүйнөлүк Соода Уюмунун жаңжалдарды чечүү кеңешине тапшырган арызга каршы – өзүн коргоо менен алек болуп келүүдө...

2 – Конгресс партиясынын башкаруусу маалында Индия коомчулугунда Америка жөнүндө терс көз караш бар эле. Бул көз караш Вашингтондун Индия дипломаттарына кылган акааратуу мамилеси себептүү начарлаган эле. Ошондуктан, Модинин эң биринчи милдети Америка жүзүн индустар арасында, айрыкча саясий чөйрө арасында чырайлуу кылып көрсөтүү болду. Ошондуктан, Обама Индияга Индия республикасынын башкы коногу катары сапар кылган кезде Моди Америка жүзүн Индия коомчулугу алдында чырайлуу кылып көрсөтүүгө аракеттенди жана ошол сапар маалында ядролук келишимге да кол коюлду...

3 – Президент Обама азыр – Кошмо Штаттарда 2016-жылы күздө өткөрүлүүчү шайлоонун алдында – буту сынган өрдөккө окшоп калды. Анын бүт этибары шайлоодо демократтар партиясынын утуп чыгышына каратылган. Обаманын абалы кандай болбосун ал убактысын жергиликтүү шайлоо кампанияларында катышуу менен этибарды чет өлкөдөгү бир нече

проблемаларга каратуу ортосунда бөлүштүрүүгө мажбур. Ошондуктан, демек Индиядагы Конгресс партиясынын 10 жылдык башкаруу доорун артта калтыруу үчүн Обаманын көп иш кыла алуу ыктымалы жок.

Мына ушул факторлор шартында, демек Обама жана Моди саммитинде айтылган билдирүүлөрдө кандайдыр сезиле турган алдыга жылууга күбө болушубуз кыйын. Ашып кетсе, Пакистандан келип чыгып жаткан «терроризм»ге каршы күрөш жана Кытай таасирине чек коюу сыяктуу бул региондо Америка жана Индия кызыкчылыктарын бириктире турган маселелер боюнча бекем кызматташтык болушу мүмкүн. Ошону менен бирге бул жерде көптөгөн тоскоолдуктар бар болуп, бул тосуктар Конгресс партиясынын башкаруусу натыйжасында бир кыйла жарака кетүүлөрдү пайда кылган. Ошондуктан, бул тоскоолдуктарды жеңип өтүү о.э. аларды жок кылуу үчүн Моди жана Обамага бир топ убакыт керек болот. Американын Индиядагы мурдагы элчиси Роберт Блэквилл Моди доорундагы Америка-Индия алакалары жөнүндө Нью-Делиде 2015-жылдын январында сөз сүйлөп: «... Кошмо Штаттардын Индияга карата алдыдагы жылдардагы стратегиясы жөнүндө айта турган болсок, менимче, өтө жакшы дегенде биздин божомолдорубуз өткөн он жылдыктын башында болгон нерселерге тескери көрүнүштө жупуну болушу керек. Себеби, бул премьер-министр да жана бул президент да Кошмо Штаттар менен Индия ортосундагы алакаларда бирер стратегиялык өзгөрүш жасай албайт, ошондуктан, демек менимче бул жерде алдыдагы эки жылда бул эки мамлекет ортосунда бирер стратегиялык шериктик таптакыр болбойт», - деди. (Кошмо Штаттар менен Индия ортосундагы алаканын абалы жана биргелешкен соода иштери, 2015-жыл, 24-январь).

Башкача айтканда, Блэквилл бул эки мамлекет ортосундагы алакаларда тыныгып алуу болушун жана Обамадан кийин – андан мурда эмес – өз күчүн толук тикелеп алышын божомолдоп жатат.

## Индиядагы шайлоого АКШнын таасири тууралуу

**Суроо:** *Бхаратия Жаната партиясы башчылыгына шайлоолор болуп өттү. 2005-жылдын акырларында партия башчылыгынан отставкага чыгууну жарыя кылган Адвоний өз ордунан четтештирилгенден кийин, 2006-жылы 3-январда партия башчылыгына Америкага ыктаган активисттердин бири Ражнат Сингх партия башчылыгын ээледи. Адвоний Америкага ыктаган эмес эле. Бул нерсе Ражнат Сингх да кайрадан башкарууга жетишүү жана Америка таасирин кайтарууда Важпаи ойногон ролду ойношун билдиреби?*

**Жооп:** Суроо-жооп анык болушу үчүн бир азга аркага кайтабыз. Аныгыраагы, 2004-жылы Конгресс партиясы жеңишке жетишип, Америкага малай болгон Жаната партиясынын кулоо дооруна кайтабыз.

Конгресс партиясынын ийгилиги Америка үчүн да, Бхаратия Жаната партиясы (BJP) үчүн да катуу сокку болду. Англичандардын күчтүү таасири Индияга кайтып келди. Американын бул жерден чыгып кетиши оңой кечпеди. Балким, шайлоолор натыйжасы анык болушу менен ишке катуу киришип, бул иште эки жолдон жүрө баштады.

1. Ишти Конгресс партиясынын ичинен баштады. Ошондуктан, премьер-министрликке Конгресс партиясынан өзүнө катуу каршы болгон кишилер келбеши үчүн бар күчү менен аракет кылды. Ушул себептүү, Америка – түпкү теги индус эмес, индия жарандыгын индуска эрге тийгендиги үчүн алган, түпкү улуту италян – деген хужжат менен Соня Гандини узакташтырууга жетишти. Америка бул тууралуу маалымат каражаттарында жана саясат коридорлорунда шоокум козгоп, бул иште Важпаи өкүмдарлыгы убагында Соня Ганди менен иштеген өзүнүн кээ бир адамдарын ишке салды. Натыйжада, Жаната партиясынын кээ бир депутаттары, эгер Соня өзүнүн талапкерлигин премьер-министрликке койсо, анда өздөрүнүн парламенттен чыгып кетишерин айтып коркута башташты. Бул нерсе Соняны премьер-министрликке өз талапкерлигин койбоого мажбур

кылды. Американын бул шоокумдары Соняны премьер-министрликке мурун финансы министри болуп иштеген Манмахан Сингхтин талапкерлигин коюуга алып келди. Ал болсо Индияга Америка инвестициясы кирип келишинин тарапкери т.а. Америка менен жакшы мамиледе болуу тарапкерлеринен эле. Конгресс партиясы муну жакшы билер эле. Ошондуктан, Соня Ганди Манмаханды премьер-министрликке сунуш кылып жаткан убакта, премьер-министрдин ыйгарым укуктарын баян кыла турган мыйзамга өзгөртүүлөр киргизүүгө аракет кылды. Бул иш Американын алдында эшиктер ачык калышынан корккондугу үчүн Манмахандын жалгыз өзү бир ишти кылуудагы кубаттарын чектөө үчүн кылынган эле. Ушуну менен бирге, Соня өкмөттүн маанилүү мансаптарына өзүнө берилген кишилерин коё алды. Айрыкча, тышкы иштер министри Натвар Сингх өкмөттө абройлуу адам болуп, ал Манмахан Сингхти макул келбей турган токтомдорду чыгаруудан токтотуп тура турган адам эле. Ал Америкага ачык душмандык позициясында болуп, Жавахарлал Неру жүргөн жолдон жүрүүгө катуу камал кылар эле. «Outlook» журналы менен болгон баарлашууда андан Индиянын тышкы саясаты жөнүндө суралганда, ал мындай деп жооп берди: «Жавахарлал Неру жолго койгон иш жолу али да жашап жатат». О.э. анын Ирак согушу туурасындагы билдирүүлөрү да Американы анча ташбишке салып койду. Себеби, ал Американын Иракка каршы согушу мыйзамсыз согуш деп ачык билдирүү берди.

Америка Натвардын жылдызы жанып, өкмөт башчысы болуп калышынан коркуп, Натвар БУУнун «Азык-түлүк акысына нефт» программасынан мыйзамсыз пайдаланган деп, анын атын Америка федералдык резерв түзүмүнүн (Америка борбордук банкынын) мурунку жетекчиси, комиссия башчысы Пол Волкер отчётуна кошуп койду. Премьер-министр Манмахан бул отчётто келген нерсени бекем кармап, ал өкмөттөн отставкага кетиши керек деп туруп алды. Премьер-министр алдыңкы 2005-жылы 5-январда басып чыгылган отчётто Натвардын аты жоктугун, анын аты

кийинки 2005-жылы 19-ноябрда чыгарылган гезит отчётунда кошуп коюлганын абдан жакшы билер эле.

Натварды Конгресс партиясына берилген-садык кишилерден деп билген Соня Ганди ага жардам берүү үчүн бул ишке аралашты жана Натвар өкмөттө калат, бирок, тышкы иштер министрлигинен четтетилип, бул министрликти да премьер-министрдин өзү башкарат деп келишишти. Муну менен Соня аларды жараштырууга жетишти.

Соня партияга берилгендигинен шектене турган жана премьер-министрликке Американын басымы астында келген Манмахандын өкмөтүндө Натвар анын тамагына сайылган тикен болуп калса да, Америка аны тышкы иштер министрлигинен узакташтырууга жетишти.

Маанилүүсү ушул, Американын Конгресс партиясы ичиндеги колдонгон ыкмалары жана Манмахандын премьер-министрликке жетишиши Америка үчүн Индияда этияткердик менен өз таасирин өткөзүүдө ыңгайлуу келе турган чырайлуу мамилелерге шарт даярдап берди. Америка Конгресс партиясынан чырайлуу мамиледе боло турган жана ага карата катуу турбай турган кишиден артыгын үмүт да кылбаган эле.

2. Америка Жаната партиясына, анызыраагы, Важпаи партия башчылыгынан кеткенден кийин, партия башчылыгы үчүн анын адамдарына жандуулукту кайтарууга аракет кылар эле. Бирок, Американын эсебинде жок нерсе болду. 2004-жылы октябрда Важпаиден кийин Жаната партиясы башчылыгына дайындалган Адвоний менен улуттук демократиялык коалиция (NDA)дагы Жаната партиясынын шериктери Раштра партиясы (RSS) жана Вишва Хинду Паришад партиясы (VHP)нын ортосунда күрөш күч алды. Индиянын бул эки партиясы Жанатадан да ашынган оңчул партиялар. Бул партиялар Адвонийдин саясатында, айрыкча, Айодхиядагы индустар бузуп таштаган мечиттин ордуна ибадаткана курууда индиялыктардын идеологиясынан чегинүү бар дешти. Адвоний 2005-жылы июнда Пакистанды зыярат кылып, анын негиздөөчүсү Мухаммад Али

Жиннахты мактагандан кийин, бул карама-каршылык дагы жалындады. Ушул эки партия жана Жаната партиясынын кээ бир канаттары да Адвоний кыянатчы, отставкага кетиши керек дей башташты. Негизи, Адвоний саясатта алардан көрө узагыраакты көрө алар эле. Ал партиянын айланасына башка катмарларды топтоо үчүн индустардын катуу колдук идеологиясын узакташтырууну каалар эле. Ошондуктан, ал мындай деп билдирүү берген эле: «Жаната партиясы өзүнүн негизги идеологиясын сактоого мүмкүнчүлүк бере турган жолдо аракет кылышы жана ушул убакыттын өзүндө идеологияга гана чектелбестен, калктын көпчүлүк бөлүгүнүн ишеничине кирүү үчүн кең кулач жайышы лазым болот».

Ошентип, Жаната партиясы жана аны менен коалиция түзгөндөрдүн абалы туруксуз болуп калды. Натыйжада, Америка өз таасири кирип келишине мүмкүнчүлүк берген союздашын жоготуп коюуга аз гана калды. Конгресс партиясы Америка таасиринин Индияга кирип келишине узак жылдар бою тоскоолдук кылып келген эле.

Америка бул бөлүнүүнү оңдоо үчүн бар күчүн сарптады жана өзүнө малай болгон Ражнат Сингхти Жаната партиясы башчылыгына алып чыгууга жетишти. Ушуга карай, Америка өзү менен жакшы мамиле тарапкери болгон Конгресс партиясы мүчөсү Манмахандын премьер-министр болуп калышын кепилдеди. О.э. Америка Жаната партиясы башчылыгына өзүнө малай болгон Ражнат Сингхти коюу менен партия биримдигин кайра тикелөөгө да мүмкүнчүлүк тапты.

Ушуну менен бирге, Америка Важпаи башчылыгында Жаната партиясы бийлик башында турган убакытта жетишкен ролуна жетүүдөн өтө узак. Азыркы өкмөт үстүндө тургандар заманында т.а. 2009-жылы боло турган шайлоолорго чейин өзүнүн эски ролуна жетишиши өтө кыйын.

Бирок, азыр бул жерде ишара кылынышы керек болгон эки иш бар:

1. Оңчул Жаната партиясынын ашынган оңчул эки партия менен коалиция түзүшүнүн акыбетинде, Рам ибадатканасы темасы дагы козголуп,

мусулмардарга каршы зомбулук амалияттары келип чыгышы мүмкүн. Бул коалициянын эл ичиндеги аброюн Конгресс партиясынын каршысында жакшыртуу үчүн бул коалиция мутаасиб индиялыктар массасынын колдоп-кубаттоосуна жетишмекчи.

2. Америка Индияны ыраазы кылуу үчүн Кашмир маселесин ага автономия берүү менен чечүүгө аракет кылып жатат. Ал муну өзү менен жакшы мамиледе болуу тарапкерлеринен биринин башчылыгында ишке ашырмакчы. Конгресс партиясы Манмаханды четтетүүгө жетишпей туруп, анын позициясын бекемдөөгө жана өзүнө ыктаган тарапкерлерин күчөтүүгө урунуп жатат. Себеби, Конгресс партиясы Манмаханды четтете турган болсо, Америкага эшиктер тарс жабылат. Ошондуктан, кийинки убактарда Мушаррафтын шаша-буша Кашмир жаатындагы жан берүүлөргө даяр экендиги көзгө урунууда. Себеби, ал Кашмирге эгемендүүлүк берүүнүн ордуна автономия берүү жөнүндө тынбай бежирей турган болуп калды. Негизи, автомония жөнүндө сөз жүргүзүү тыюу салынган нерселердин катарына кирер эле.

### Индия-Пакистан алакалары жана Кашмир маселеси

Кашмир маселесине келсек, бул маселенин айланасында да Конгресс партиясынын башкаруусу маалында пайда болгон көптөгөн чиеликтер бар. Бул болсо, Кашмир маселесин столго коё алышы үчүн Модини бир топ убакытка муктаж кылып коёт:

1 – Конгресс партиясы 2004-жылы бийликке келгенден баштап Кашмир маселеси негизинен текчеге коюлуп келди. Мушарраф башкаруусу доорунда эки мамлекет ортосундагы токтоп калган диалог иш-чарасын баштоо үчүн Пакистандын бир нече чегинүүлөрүнө карабастан бул маселе

текчеге алып коюлду. Пакистандын ушунча чегинүүлөрүнө карабастан, Конгресс партиясы Мушарраф көтөрүп чыккан ар кандай демилгени четке какты жана Кашмир маселеси бир ички маселе деп катуу туруп алды.

2 – Кырдаал 2008-жылдын ноябрындагы Мумбай чабуулдарына чейин ушундай уланды. Мына ошол чабуулдардан кийин Кашмир маселеси боюнча диалог баштоо горизонтторунун бардыгы бүтүндөй муздап калды жана Индия өкмөтү сөздүн басымын өзгөртүп Пакистанга – ал мына ушул чабуулдар жаатындагы айыпты мойнуна алышы үчүн жана Пакистан ичкерисинде аракет кылып жаткан бардык куралдуу жамааттарды, айрыкча «Лашкар Тойййиба» жамаатын тизгиндеп коюшу үчүн – басым өткөрдү... Индия өкмөтү 2010-жылдын октябрында мына ошол чабуулдарды пландаштыруу жоопкерчилигин Пакистан разведка агенттигинин мойнуна жүктөдү. Бул өкмөт өзү чыгарган билдирүүдө мындай деп билдирди: «Пакистан разведка агенттиги 2008-жылы Мумбайга кылынган террорчулук чабуулду пландаштырууга баш кошкон...». («Индия өкмөтү: Мумбай чабуулдары артында Пакистан агенттери турушат», Индия Таймс, 2010-жыл 19-октябрь).

3 – Мумбай чабуулдарынан кийин Исламабад менен Нью-Дели ортосундагы алакалар курчуп кетти. Пакистан же Америка тарабынан Кашмир боюнча диалог баштоо максатында басым өткөрүүгө болгон ар кандай аракет Индия тарабынан четке кагыла турган болду.

4 – Мына ошол кезде Америка Пакистан менен болгон чегаралардагы, айрыкча көзөмөл сызыгындагы кескиндикти жумшартуу үчүн Индияга басым өткөргөн эле. Басым өткөрүүдөн максат, Афганистандагы каршылык аракетине каршы согушууда Америкага жардам берүү үчүн Пакистан өз күчтөрүн Афганистан менен чектеш аймактарга жайгаштыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу эле. Бирок, Индия өзүнүн Кашмир жаатындагы позициясынан чегинбеди жана Пакистан менен Американы бул жаңы абалды кабыл алууга мажбур кылды.

5 – Индияда Конгресс партиясынын башкаруусу доорунда коомдук пикир Кашмир маселеси жаатында Пакистан пайдасына кандайдыр чегинүүлөргө карата катып калды. Ушуга ылайык, демек Моди 2014-жылы 26-майда премьер-министр канцеляриясына көтөрүлгөндө Конгресс партиясы Кашмир жаатында сүйлөшүүнү кабыл албаган позициясынан баш тартпай кежирдик менен туруп алган 10 жыл менен бетме-бет келген эле.

6 – Америка Кашмир боюнча бирер чечимди пайда кылуу үчүн сүйлөшүү жүргүзүүгө бир кадам коюу катары Индия менен Пакистанды бири-бирине жакындатууга аракет кылып көрдү. Ушуга ылайык, Наваз мусулмандар туйгуларына каршы чыгып, Модини куттуктоо жана анын шайлануу ырасымына катышуу үчүн – акыйкатта болсо Моди мусулмандарга каршы душмандыгы менен таанылган адам – Индияга келди... Натыйжада бул кадам жакындаштыруунун ордуна ого бетер алыстатты...

7 – Кала берсе, бул жерде башка иш да бар болуп, ал төмөнкүдөн турат, Индия партиялары Кашмирдин ар бир карышына бекем жабышып алышкан. Ошондуктан, ал тургай Жаната партиясы жана Наваз Америкага ишенимдүү болушса да Кашмир маселесин сүйлөшүүлөр аркылуу чечүү оңой эмес, тескерисинче туура жана адилеттүү чечим – Кашмирди басып алган Индия баскынчысын күч менен жок кылуу болот. Ал болсо – эгерде Пакистанда Аллах Субханахуга жана Расулу с.а.в.га ишенимдүү болгон мамлекет болсо – Аллахтын уруксаты менен оңой эле иш. Мындай мамлекет жакында Аллахтын уруксаты менен болуп калса ажеп эмес.

Ушулардын бардыгына карабастан, Америка эки тарапты келиштириши ыктымалдан алыс эмес, бирок, бул иш бир топ убакытты алат.

### Индия-Пакистан кескиндиги жана Мумбай окуясы тууралуу

**Суроо:** *Пакистан тышкы иштер министрлиги 2008-жылы, 18-декабрда Исламабаддагы индус элчисинин орунбасарын чакырып, ага, индус аскерий самолёттору Пакистан аба боштугун бузуп киргендиги боюнча нараазылык*

*нотасын тапшырды… О.э. америка коргоо министрлигинин жооптуулары Вашингтон, индус аскерий аба күчтөрү чабуулга даярдана баштаганы жөнүндөгү маалыматтарга ээ экенин билдиришти.*

*Мумбай окуяларынан бир айга жакын убакыт өткөнүнө карабастан, бул окуялар дагы эле жаңырып турат. Индиядагы өкүмдар улуттук конгресс партиясы өкмөтү бул маселе жаатында толук токтом кабыл алуу үстүндө экиленип турат. Себеби, бир карасаң Пакистанга мамилелерди курчутууну айтып коркутуп жаткан болсо, бир карасаң Пакистан менен тынчтык процессин токтотуп коюу жөнүндө коркутууда. Мурунураак болсо, «Лашкар Тайба» жамаатын айыптап, чабуул кылышкандарды пакистан разведкасы машыгуудан өткөргөндүгүн кошумчалаган эле… Андан кийин, коркутуулар кыйла басаңдап калды жана бул маселе 2008-жылы, 17-декабрда болгондой индус парламентинин «терроризмге каршы күрөш» мыйзамдарын күчөтүүнү талкууга алууда кайра каралып чыга турган болду… Ошодон кийин, маселе Пакистан аба боштугун бузуп өтүп, абалды курчутуу маселесине айланды… Бул болсо индус өкмөтүнүн бул окуялар боюнча толук токтом кабыл ала албастан экиленип турганын көрсөтүп турат.*

*Бул иштин акыйкаты кандай? Эмнеге индус өкмөтү бул окуялар боюнча толук бир чечим кабыл ала албай, экиленип турат? Кала берсе, бул окуялар жергиликтүү, же регионалдык, же эл аралык иштерге киреби?*

**Жооп:** Ооба, туура, индус өкмөтү Мумбай окуялары жөнүндө толук токтом кабыл ала албастан экиленип турат. Себеп, окуялардын Индияда май айында болуп өтө турган шайлоолордон мурунку баскычта жүз бергени. Ошондуктан, бул окуялар Улуттук конгресс партиясынын – эгер, бул партия өкмөттү күчтүү көрсөтө турган белгилүү бир ишти ишке ашырбаса - шайлоолордо уттуруп жиберишинин негизги фактору болуп калат. Ар кандай иш эгер Мумбай окуялары даражасындай үлкөн болбосо, эч качан өкмөттүн айбатын-сүрүн жана ага болгон ишенимин кайра тикелеп бере албайт. Бул

болсо индус өкмөтүнүн Пакистанга каршы таасирдүү чабуул амалияттарын (операция) аткарышы керектигин түшүндүрөт. Өкмөт муну ишке ашырууга дээрлик даяр болуп калган эле. Бирок, Индия менен Пакистан, таасирге ээ болгон ири мамлекеттер Англия менен Американын өз ара күрөшүп жаткан регион болгондуктан, Индиянын аракети этибар чөйрөсүнө кирип калды. Ошондуктан, бул эки мамлекет (Англия менен Америка) тарабынан мына ушул багытта кызуу аракеттер башталды. Британия Пакистанды кол салуучу кылып көрсөтүүгө жана Мумбай жардырууларын ишке ашырган кишилердин артында Пакистан турат, деп көрсөтүүгө урунууда. Америка болсо Пакистанды бул окуяларга тиешеси жоктой көрсөтүүгө жана текшерүү алып барууда Пакистан Индия менен кызматташтык кылууга даяр, деп көрсөтүүгө урунууда. Ошол эле учурда, Америка Индиянын бул региондо ар кандай таасирдүү аскерий операцияны ишке ашырышына жол бербөө үчүн Индияга басым өткөрүүдө. Американын максаты Пакистан өз күчтөрүн батыштан чыгышка көчүрбөстүгү.

Америка бул окуялардан кийин эмес, балким ушул окуялар чагында дароо кызуу аракеттерге өттү жана Индияга жашыруун басымдар өткөрдү. О.э. Америка Индиянын Пакистанга койгон айыптоолорун далилдер жагынан алсыздантууга да урунду. Мындан тышкары Пакистанды Индияга карата кордукка жеткен абдан жумшактык мамиле көрсөтүүгө мажбур кылды. Муну ушул окуяларда колу бар экени тастыкталган ар кандай пакистандыкты камакка алып, соттоого Пакистандын даяр экендигин көрсөтүү менен жана Пакистанды текшерүүлөр алып барууда кызматташтык кылууга, кийин «Лашкар Тайба»га алакадар, деген аргумент менен даъват жамаатынын бир канча кишилерин камакка алууга толук даяр кылып көрсөтүү менен ишке ашырды. Булардын баары Улуттук конгресс партиясы өкмөтүнүн эч кандай чабуул кыла албастан, кыйын абалга түшүп калышына себеп болду. Ошол эле учурда, бул өкмөт өзүнүн айбатын-сүрүн жана адамдардын коопсуздук жаатында бул өкмөткө болгон ишенимин кайра тикелеп бере турган бирер

амалиятка муктаж болуп турат.

Пакистан менен аскерий кескиндикке киришүүдөн башка ар кандай амалият жүз берген ошол окуяларга тең келе албайт. Америка аракеттери эл аралык майданда жүзөгө келтирген шарттар натыйжасында ири аскерий операцияны өткөрүү азыр ыктымалдан алыс болуп турат. Ошондуктан, конгресс партиясы өкмөтү эмне иш кылышын билбей, айран болуп турат. Себеби, ал Пакистанга каршы бирер кескин ылайыктуу чараны ишке ашыруу жолун издеп жатат. Ошол эле учурда, муну аткаруунун аргасын таба албай жатат. Экиленип болуп калганынын себеби мына ушул.

Бул ишти жакшыраак түшүнүп алуу үчүн бир аз артка, ошол окуяларга кайталы:

1. Өткөн айдын акырында, анығырагы 2008-жылы, 26-ноябрда Мумбай шаарында чабуулдар жүз берди, чабуул жасагандар менен индус коопсуздук күчтөрү ортосунда кагылышуулар болду. Мындай абал үч күнгө созулду. 200гө жакын киши курман болгондугу жана 300дөн көбүрөөк киши жараат алгандыгы жарыя кылынды. Чабуул кылышкандар он киши болгондугу жана индус өкмөтү алардын бирин колго алгандыгы да айтылды. Индия чабуул кылышкандар Пакистандан келгендигин, алар «Лашкар Тайба» жамаатына таандык экендигин жана Пакистан аскерий лагерлеринде машыгуудан өтүшкөнүн айтып, Пакистанды айыптады. Кийинчерээк бул айыптоолор андан да курч түс алып, Индия мына ушул чабуул кылышкандарды Пакистан разведкасы машыктырган, деп айыптаганга чейин жетти.

2. Индиянын Пакистанга кылган мындай айыптоолору артынан жана бул эки мамлекет ортосундагы мамилелер кескиндеше баштаганына байланыштуу ушул региондо таасир күчүнө ээ болгон, таасир талашып, өз ара күрөшүп жаткан колонизатор эки мамлекет Америка менен Британиянын дипломатиялык аракети ылдамдашып калды. Бул эки колонизатордун маалымат каражаттары жана гезиттери бул окуяга ушундай бир деңгээлде маани беришти дейсиң, кудум ал алардын жарандарына тийиштүү ички

окуяга окшоп калды.

Америка жөнүндө айта турган болсок, анын тышкы иштер министри Райс 2008-жылы, 3-декабрда Индияга келди. Ал индус тышкы иштер министри Пранап Мехрежи менен биргеликте басма сөз конференциясын өткөрдү. Райс: «Бул ушундай убакыт дейсиң, мында баары өз ара кызматташтык кылышы керек», дегенден кийин кызышып кеткен, Пранап Мехрежи мындай дейт: «Мен Райска Мумбайдагы террорчулук чабуулдарды Пакистандан келген бир топ адамдар ишке ашыргандыгында эч күмөн жоктугун жана алардын башчысы Пакистанда экенин айттым». Райс буга жооп иретинде мындай дейт: «Эгер, бул окуя жаатындагы жоопкер адамдар өкмөткө алакадар болбосо, анда Пакистандын милдети – ошол адамдарга каршы жетиштүү кадамдарды таштоо жана чабуулду ишке ашыргандарды адилетүү сотко тапшыруу үчүн кызматташтык кылуу болот». Ал дагы мындай дейт: «Индия тарабынан бериле турган ар кандай каршы жооп, 1947-жылы Британиядан эгемен болушкадан бери үч согушка кирген бул эки коңшулаш мамлекет ортосундагы кескиндиктин андан ары күчөшүнө алып келбеши керек». («Рейтер» 2008-жыл, 3-декабрь). Бул болсо, Америка Пакистанды бул окуялар артында тургандыкта айыптабай жатканын, тескерисинче аны тымызын коргоп жатканын о.э. Индиянын кескиндикти күчөтүшүн, арийне Улуттук конгресс партиясы өкмөтүнө берилген какшаткыч сокку үчүн өч алуу максатында Пакистанга чабуул кылышын каалабай жатканын түшүндүрөт.

Демек, Америка мына ушул чабуулдардан кийин Индияны «тизгинге алуу» үчүн катуу, кызуу аракеттерди алып барды. Бул Райстын индус саясий жана коопсуздук жооптуулары менен болгон жолугушуусунан даана көрүнүп турат. Себеби, Райс аларды өздөрүн кармоого чакырды. Ошондо, индус разведка аппаратынын бир офицери ордунан туруп, Райска бир разведка отчётун узатып, ага мындай дейт: «Вашингтон биздин унчукпастан турушубузду каалап жатабы. Мына, караңыз пакистандык террорчулар

Индияга чегара региондору аркылуу беймарал, эркин жылжып кирүүнү токтотушкон жок». («Ар-Рай» сайты 2008-жыл, 5-декабрь). Бул сайт мына ушул кабары менен бирге төмөнкүлөрдү да жазат: «Бир аскерий булактын баса белгилешинче, Америка флоту Мумбай жардыруулары артынан Араб деңизинде, Араб Булуңунда, Индия, Пакистан жана Иран тушунда чоң күчтөрдү топтоду. Буга себеп, Американын Индия менен Пакистан ортосунда куралдуу карама-каршылыктар жүз беришинен кабатырланып жатканында. Мисалы, бортунда 80 кыргын самолёт жана 3200 аскер болгон Жон Стенис авианосеци ушул районго келди. Ал жерде турган авианосецтер саны үчкө жетти. Алардын арасында «Теодор Рузвельт» авианосеци жана «Эфо Гайма» авианосеци да бар, алардын бортунда үлкөн сандагы Маренс күчтөрү жана деңиз патрулдар күчтөрү да бар. Америка башкы штаб башчысы Молен 2008-жылы, 2-декабрда Индияга келди».

3. Райс Индиядан кийин Пакистанга жол алды жана Пакистан өкмөтүн мактап, Пакистандын жаш жаран өкмөтү терроризмге каршы күрөштөгү милдетине толук моюн сунуп жатканын жана өзүнүн ысымы террорчу кимселер менен байланып калышын таптакыр каалабай жатканын айтат. (Британ радиосу 2008-жыл, 4-декабрь). Бул болсо, Американын Пакистанды Индияга каршы колдоп жатканына далалат кылат. О.э. Америка башкы штабы башчысы Молен да Пакистанга келди. Исламабаддагы америка элчиканасы тарабынан чыгарылган билдирүүдө айтылышынча, Молен «Пакистан жооптууларында Мумбайда жүз берген кырсык террорчулар чабуулдарынын дагы да күчөшү коркунучун жана бүткүл регионго салына турган андан да көбүрөөк коркунучту жүзөгө келтиришине болгон анык ишенимди сезген». («Ал-Жазира» 2008-жыл, 3-декабрь). Мындан максат, Пакистандын өзү да буга кооптуу күч алуу, деп баа берип жаткандыгы үчүн Пакистандын бул окуяларга эч кандай алакасы жоктугун көрсөтүү! Американлыктар Пакистанга тынымсыз каттап калышты. Мисалы, конгресстен Америка республикачылар партиясынын президенттикке

көрсөткөн мурунку талапкери Жон Маккин башчылыгындагы делегация келип кетти. Булардын баарынан максат, Американын Пакистандагы малайларын колдоп-кубаттоо жана алардын Индия Пакистанга каршы бирер аскерий амалият өткөрүшүндөгү кабатырларын басуу. Ошондо бул малайлар Вазаристанда жана уруулар жашаган региондо Америка кызыкчылыгы үчүн мусулмандарга каршы согуш алып барып жаткан пакистан армиясын ыктымалдагы индус чабуулдарына каршы жооп соккусун берүү үчүн Индия менен болгон чегараларга көчүрүүгө мажбур болушпайт!

О.э. Америка тышкы иштер министринин жардамчысы Жон Неграпонти да 2008-жылы, 11-декабрда Пакистанга келди. Ал Коопсуздук Кеңешинин 2008-жылы, 10-декабрда чыккан токтомунан кийин т.а. «Даъват» кыймылын жана бул кыймылдын төрт жооптуусун террорчулар тизмесине киргизүү жөнүндөгү токтомунан кийин Пакистанга келди. Пакистан өкмөтү бул кыймылдын жооптууларын камакка алды жана анын кеңселерине бастырып кирип, аларды жаап койду. Америка муну менен Индияны ыраазы кылып, тынчтандырмакчы экенин көрүнүп турат. Ошондуктан, Америка Пакистандан Индия Пакистанга каршы аскерий операцияны ишке ашырбоосу үчүн ошол токтомду дароо кечиктирбестен аткарууну талап кылды. Себеби, Индия аскерий операцияны ишке ашыра турган болсо, Пакистандагы Америка малайлары, президент Зардарий да, премьер-министр Жийланий да кыйын абалга түшүп калышат. Анда, Американын Ислам жана мусулмандарга каршы күрөшүү туурасындагы талаптарын лаббей, деп аткарып жаткан Зардарий менен Жийланийге карата кыжырдануу туйгусу менен карап турган Пакистан калкынын бул экөөсүнө болгон кыжырын андан да күчөшүнө алып келет. Америка Пакистандагы малайларынын милдети Исламга, Пакистан жана Афганистандагы мусулмандарга каршы күрөштөн гана турушун каалайт. Ошондуктан, бул малайларынын Индия менен боло турган согуш менен убара болуп калууларын, натыйжада Америка үчүн маанилүү болгон бул фронтту, Американын дүйнөдөгү

вужудуна жана таасирине коркунуч салып жаткан коопту өз абалына таштап коюуларын каалабайт.

4. Англистерге келсек, алар да абдан «жогорку даража»да аракеттерди алып барышты. Бирок, алардын бул аракети америкалыктарга бүтүндөй тескери болду. Себеби, Британия премьер-министри Браун 2008-жылы, 14-декабрда Нью-Делиге келип, премьер-министр Синкх менен жолугушуп, Индия позициясын колдоп-кубатташын билдирип, мындай дейт: «Биз бул чабуулдар жаатында «Лашкар Тайба» жоопкер жана алар бул үлкөн кырсык боюнча «жооп берүүлөрү» керек, деп билебиз». («Ал-Жазира» 2008-жыл, 14-декабрь). Бул Браундун Индияда айткан сөздөрү. Бирок, ал Индиядан кийин Пакистанга барганда анын позициясы Пакистандан мусулмандарга каршы күрөштү талап кылуу болду жана «терроризмге каршы күрөш», деп аталган нерсе боюнча жардам катары Пакистанга 9 миллион доллар берүүгө даяр экенин билдирди! Англис гезиттери Пакистанды мына ушул чабуулдар артында тургандыкта айыптаган жана бул чабуулду уюштургандар Пакистан армиясы тарабынан машыгуулардан өткөрүлгөндүгү жөнүндөгү кабарларды таркатты. Мисалы, «Сенди Таймс» гезити 2008-жылы, 8-декабрда индус разведкасынын отчётунан кабардар болгону жөнүндө жазат. Ошол отчётто айтылышынча, Мумбайда чабуулду уюштурган он киши Пакистан армиясы жана деңиз күчтөрү тарабынан машыктырылган 500 кишиден турган топтун мүчөлөрү имиш. Бул гезит индус разведка аппаратына жакын болгон булактардын төмөнкү сөздөрүн келтирет: «Келерки шайлоолордон мурун Индияга жасала турган ар кандай жаңы чабуул – эки мамлекет ортосундагы согуштун чыгышын качып кутулгус кылып коёт». Бул болсо англистер жана алардын Индиядагы малайлары Пакистанга каршы индус калкынын келерки шайлоолордон мурун конгресс партиясы өкмөтүнө болгон ишенимин кайра тикелей турган бир аскерий операция өткөрүү жолдорун издешип жатканына дагы бир далил.

5. Белгилүү болгондой, индус конгресс партиясы мурунтан англистерге

малай жана жан тартышып келген. Бул партия 2009-жылы, май айында боло турган шайлоолорго даярдык көрүп, «тараза» салмагы өз пайдасына чечилишин үмүт кылууда. Буга себеп, жан үрөп таркатылып жаткан «Индия бул партия өкмөтү доорунда дагы да экономикалык өсүүгө жетишти, бул болсо Индияда экономикалык гүлдөп-өсүүнү жүзөгө келтирди. Мындан тышкары бул өкмөт доорунда илим өнүгүү тармагында да, космосту багынтуу тармагында да, курал-жарактарды өнүктүрүү тармагында да чоң утуштар жетти», деген пропагандалар. Мына ушул пропаганда жардамында бул партия шайлоолордо жеңип чыгууну үмүт кылууда. Ошондуктан, Мумбайда чабуул окуялары жүз берип, Индияны жана анын өкмөтүн күчтүү силкинүүгө салганда Индиядагы оппозициялык партиялар, эң оболу Американын малайы «Бхарата Жаната» партиясы (бул партия 2004-жылы, майдагы шайлоолордо жеңилген) конгресс партиясы өкмөтү позициясын алсыздантуу үчүн бир ыңгайлуу учур, деп билишти. Бул партиялар премьер-министр Синкх жана анын өкмөтүн коопсуздук маселесинде алсыздык кылганы менен, бул чабуул себепчилеринин тизгинин тартып коюуга күчү жетпегендиги менен айыпташты. Муну менен, индус өкмөтү бир нече айдан кийин боло турган шайлоолор алдынан дагы кыйын абалга түшүп калды. Ушунусу да маалым, «Бхарата Жаната» өкмөтү да ушул өкмөт доорунда жүз берген бир нече чабуулдар жана жардыруулардан кийин кулаган эле. Бул партия өкмөтү Пакистанды мына ушул чабуул жана жардыруулар артында тургандыкта айыптабастан, балким Индиядагы Исламий студенттер кыймылын айыптаган эле. Ошону менен бирге, бул партия өкмөтү ошол кезде оппозицияга баш болгон конгресс партиясы тарабынан алсыздык, кудуретсиздик, кемчиликтүүлүктө айыпталган болчу. «Бхарата Жаната» партиясы Америка Пакистанга басым өткөрүп, аны мына ушул индус партиясы өкмөтүнө Кашмир маселесинде бир катар корлорчо жан берүүлөргө мажбур кылганда, муну өзүнүн Пакистанга каршы күрөшүндөгү ийгилиги катары көрсөткөн эле. Ушул себептен улам, мурунку шайлоолордо

жеңип чыгып, бийликке 1999-жылдан 2004-жылга чейин турду. Азыр болсо бул партия коопсуздук маселесинен пайдаланып конгресс партиясы өкмөтүнө болгон ишенимге зыян жеткирүүгө урунууда. Бул маселе ушул жааттагы анын колундагы күчтүү курал экендиги көрүнүп турат. «Ар-Рай» электрондук сайты 2008-жылы, 5-декабрда индус разведка аппаратынын бир нече отчётторду келтиргени жөнүндө жазат. Ошол отчёттордо индус аэропортторуна каршы чабуулдар болушу жана самолётторду уурдап кетип, алардан негизги шаарларга чабуул кылууда пайдалануу ыктымалы барлыгы айтылат.

6. Бул нерселер төмөнкү коркутундуга алып келет, Пакистан тарабынан боло турган бир катар жан берүүлөр гана индус конгресс партиясы өкмөтүн мындай абалдан куткара алат жана ага болгон ишенимди кайра тикелейт. Ошондуктан, индус өкмөтү Пакистандан 20 чакты изделип жаткан адамды тапшырууну талап кылууда. Индус өкмөтүн Мумбай чабуулдары үчүн өч алына турган аскерий операция же Пакистан үстүнөн жеңишке жеткендей болуп көрүнгөн бирер аскерий операция гана бул абалдан алып чыгышы мүмкүн. Пакистандын азыркы шартта ошол изделип жаткан адамдарды Индияга тапшырышы кыйын. Себеби, Пакистан коргоо министри Ахмад Мухтар өз мамлекети изделип жаткан кишилерди Индияга тапшырууну четке кагышын билдирди. («Ал-Хаят» 2008-жыл, 8-декабрь). Анткени, Пакистан өкмөтү мындай кылса, пакистандыктардын президенттен тартып премьер-министрге чейин болгон акимдерине карата, негизи зыян жетип болгон ишенимдерине андан да көбүрөөк зыян жеткирет жана индус конгресс партиясы өкмөтү позициясынын күчөшүнө алып келет. Муну болсо Америка каалабайт. Себеби, Америка бул индус партиясын өзүнө көз каранды болушун каалайт.

Америкалыктар Индияны тыйып коюуга жана аны Пакистанга чабуул кылуунун акыбеттеринен коркутууга бар күчү менен урунушууда. Себеби, эгер Индия Пакистанга чабуул кыла турган болсо, анда америкалыктар

азыркы индус өкмөтүн кулатып таштоонун ыңгайлуу учурун колдон чыгарышат. Ошондуктан, алар Пакистан калкынын Индияга каршы согушта өз жетекчилеринин айланасына чогулуп жатышканын жан үрөп, ашыра түрдө көрсөтүшүүдө. Мисалы, «Вашингтон Пост» гезити 2008-жылы, 8-декабрда пакистан калкы өз жетекчилери айланасына биригише баштады, жада калса пакистан талибан согушкерлери да эгер мамлекети Индия чабуулуна учурай турган болсо, пакистан армиясы менен желкеме-желке туруп Индияга каршы согушууга даяр экендиктерин билдиришти, деп жазат. Бул гезит Мавлавий Назир жана Байтулла Махсуд сыяктуу пакистан талибандарынын айрым жетекчилеринин Индияга каршы Пакистан армиясы тарабында туруп согушууга даяр экендиктери жөнүндөгү сөздөрүн келтирип, бардык пакистандык Индияга каршы согушууга, жада калса Пакистан өкмөтүнө каршы болгон адамдар да бул согушка даяр экендигин билдирди… Бул Американын биз жогоруда айтып өткөн урунууларына кошумча дагы бир урунуу болду т.а. Индиянын Пакистанга койгон айыптоолорун алсыздантуу, кийин Пакистанды Индияга карата абдан жумшактык көрсөтүүгө жана ушул окуяларда колу бар экени тастыктала турган ар кандай пакистандыкты камакка алууга даяр экенин билдирүүгө мажбурлоо, Пакистандын текшерүүлөр алып барууда кызматташтык кылууга даяр экенин билдирүү, ушул максатта Пакистандын «Даъват» жамаатынын бир нече кишилерин камакка алганын шылтоо кылуудан турган урунууларына кошумча дагы бир урунуу болду. Булардын баары индус өкмөтүнүн кыйын абалга түшүп, ийри аскерий операцияны ишке ашырышын же ашырбашын да билбей, айран болуп калышына себеп болду.

Ошентип, конгресс партиясы өкмөтү Мумбай окуялары даражасында бир «кайнак» операцияны ишке ашырууга муктаж. Себеби, мындай операция аны шайлоолордо кулоодон куткарат. Бирок, анын Америка аракеттери жүзөгө келтирген эл аралык шарттар натыйжасында мындай операцияны ишке ашырышы кыйын. О.э. изделип жаткан кишилерди Индияга тапшыруу

Пакистанга да оңой болбойт. Ушул себептен улам, конгресс партиясы өкмөтү толугу менен бир токтомго келүүнү билбей, экиленип калды.

7. Эми, бул окуяларга келсек, ал индус жериндеги окуялардан пайдаланылган эл аралык окуя. Муну төмөнкүлөрдан анык түшүнүп алууга болот.

а) Биз жогоруда Америка менен Британиянын ушул окуялар артын эле жасаган аракеттерин айтып өттүк. Бул болсо экөөсүнүн Индияда о.э. коңшусу Пакистанда жүз берген жана жүз берип жаткан нерселерге катуу маани беришин көрсөтөт.

б) Америка менен Англия аракеттерин жакшылап күзөтө турган болсок, экөөсү бири-бирине тескери сызык бойлоп аракет кылып жатканы аян болот. Себеби, Британия Индияны жана анын Пакистанды ушул жардыруу артында тургандыкта айыптоолорун ачыктан-ачык колдоп жаткан болсо, Америка бул айыптоолордун далилдери алсыз экенин айтып, аскерий карама-каршылык курчушу коркунучтуу акыбеттерге алып келишин айтууда.

в) Мумбай чабуулдары индус конгресс өкмөтү партиясынын пайдасына кызмат кылбайт. Тескерисинче, бул чабуулдар ушул өкмөткө тынчсыздануу туудурат, калкынын жана тарапкерлерининин ага болгон ишенимине зыян жеткирет. Натыйжада, бул партиянын келерки шайлоолордо жеңип чыгуу мүмкүнчүлүктөрү азаят, анын регионалдык жана эл аралык майдандагы позициясы күчсүздөнөт.

г) Американын Индиядагы малайлары бул чабуулдарды өздөрү үчүн бир ыңгайлуу, «алтын» учур, деп билишти. Алар бул чабуулдардан өздөрүнүн алсызданып калган позицияларын жана келерки шайлоолордо жеңип чыгууга болгон күчсүз мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүү үчүн пайдаланууга урунууда. Муну шайлоолордо өз мүмкүнчүлүктөрүн күчөтө турган бир күчтүү оппозицияда туруу менен ишке ашырышмакчы. Бул Америка каалаган нерсенин дал өзү. Себеби, Америка англистерге малай болгон конгресс партиясы өкмөтүнүн келерки шайлоолордо кулашын жана өзүнүн малайлары

дагы бийликке келишин каалайт.

**Жыйынтык:** Эң күчтүү ыктымал ушул, бул окуялар артында түздөн-түз же жашыруун түрдө Америка жана анын малайлары турат. Т.а. пландаштырган, иш жүзүнө алып чыккан Америка жана анын малайлары же алар Индиядагы ырайымсыз зулумдан азап тарткан айрым мазлум тарапкерлердеги өч алууга үндөгөн түрткүлөрдөн пайдаланышты, бул тараптарды мына ушул чабуулдар аркылуу өч алууга кызыктырышты. Демек, бул чабуулдарды ишке ашыруу мына ушул мазлум тараптар үчүн бир пайда болот. Ошол эле учурда, бул чабуулдардан Америка кызыкчылыктары үчүн саясий жактан пайдаланылды. Айрыкча, Индия бир канча диний тайпалардан жана бири-бирине каршы болгон ырк-тектерден тургандыктан ушундай болду. Себеби, баарына белгилүү болгондой, бир канча Кашмир кыймылдары менен бир катарда, ал жерде бир канча индус сепаратчы кыймылдары да бар. Мисалы, Сомдогу «Бириккен азаттык фронту», Бодланддагы «Улуттук демократиялык фронт», «Трабура улуттук азаттык фронту», «Улуттук бару азаттык фронту», «Танин күчтөрү», «Колистон азаттык күчтөрү» жана башка көптөгөн кыймылдар сыяктуу. Булардан тышкары ал жерде мусулмандар жана масихийлерди бутага алган бир канча индус кыймылдары да бар. Аларга мисал кылып, «Бхарата Жаната» партиясын келтирүү мүмкүн. Бул партия ар дайым ыпылас шайлоолордо мусулмандарга каршы ураандан пайдаланат. Мындан тышкары индус мамлекетинин өзү да мусулмандарга каршы жырткыч амалияттарды колдонушууда. Буга мисал кылып ушул мамлекет Гужаротто ишке ашырган мусулмандарды тирүүлөй күйгүзүп жиберүү амалиятын келтирүүгө болот. О.э. бул мамлекет өткөн алты он жылдыкта Кашмирде мусулмандарды репрессия жана өлтүрүү амалияттарын да токтотпой келди.

Демек, Индиядагы бир канча тайпалардын абалы о.э. Индиядагы аким табака ишке ашырып жаткан зулум абалы, айрыкча мусулмандарга каршы ишке ашырып жаткан зулум абалы Индияны жардыруулар жана зомбулук

окуялары келип чыгышы коркунучу бар регионго айлантып коёт.

Булардын баарына кошумчалап ушуну айтууга болот, Америка өзүнүн малайы Важпайини бийликке алып келүүдө бар күчүн жумшагандан кийин, англистерге мурунтан малай болуп келе жаткан конгресс партиясы дагы бийликке келүүгө жетишти. Бул партия Американын Индиядагы өз таасиринен оңойлук менен баш тарпастыгын жакшы түшүнөт. Ошондуктан, бул партия башынан эле өз өкмөтүнө Америка менен жумшагыраак мамиледе боло турган Синкхти премьер-министр кылды. Максат Американын ушул партияга өткөрө турган басымдарын азайтуу болгон. Ошого карабастан, Америка өзүнүн Индияга каршы аракеттерин күчөттү. Кээде ядролук келишимдер түзүү жана экономикалык жардамдар берүү менен кызыктырган болсо, кээде конгресс партиясынын келерки шайлоолордогу мүмкүнчүлүгүн алсыздантуу үчүн тартипсиздиктер келтирип чыгаруу жана Индиядагы аким режимдин азчылыкты түзгөн калктарга кылып жаткан зулумунан пайдалануу жолун тутту. Мумбай окуялары да англистердин эски малайы болгон конгресс партиясын бийликтен кетирип, анын ордуна дагы өз малайларын бийликке алып келүү үчүн Америка урунууларындагы бир чоң окуя.

**22-декабрь, 2008-м.**

## АКШнын Индия менен Пакистанды жакындатуу саясаты тууралуу

**Суроо:** *Америка президенти «Бхаратия Жаната» партиясын (БЖП) жана анын жетекчиси Модини биринчилерден болуп шайлоолордо жеңип чыкканы менен куттуктады жана аны Вашингтонго келүүгө чакырды. Ал эми, 2014-жылы 5-июнда Моди сентябрь айында Вашингтонго сапар жасашы жарыяланды. 2014-жылы 26-майда Индия жаңы премьер-министри Модинин кызматты ээлешинин ырасымы болуп өттү. Анын партиясы парламенттеги жалпы 545 орундун 282 орунун ээлеп күчтүү жеңишке жетишип, парламентте 44 орунга гана ээ болгон «Индия Улуттук Конгресс» партиясын (ИУК) чоң тарыхий жеңилүүгө учуратты. Биринчи*

*жолу мындай ырасымга Пакистан премьер-министри да келди. Негизи, Моди аны менен жолугушууну каалап, аны ушул ырасымга чакырган. Бул эмнелерге далалат кылат? Бул эки мамлекеттин ортосундагы алакалар Америка саясаты жана Американын эки мамлекетке, регионго тиешелүү пландары алкагында кандай алып барылат, бул алакалар Кытай жана Афганистанга кандай таасирин тийгизет?*

**Жооп:**

1 – Чынында, Американын Модини шайлоолор учурунда колдоп-кубатташы этибарды тарта турган даражада болду. Себеби, Модини мактап, ага добуш берүүгө үгүттөө кампаниясы Индияда гана эмес, чет элдеги, айрыкча, Америкадагы кеңири чөйрөдөгү индус уюмдарына чейин жайылды. Бул уюмдар Модини индустардын лидери жана азчылык улуттар менен иштешүүгө даяр жетекчи катары көрсөтүп үгүт иштерин алып барышты. Модини колдогон ушул уюмдардын айрымдары: «Америка-Индия уюму» жана «Индус-Америка саясий аракетинин комитети». Бул уюмдар түздөн-түз же кыйыр түрдө БЖП менен байланышкан о.э. алар «чет элдеги БЖПнын достору» вазыйпасын аткарат, Америкада жана башка мамлекеттерде жашаган миңдеген индустар менен байланышы бар.

Вашингтондогу «American Enterprise» борбору басып чыккан кабар бул партиянын күчтүү колдоп-кубатталганын тастыктайт. Бул кабарга ылайык, шайлоо кампаниясын акча менен камсыздоо үчүн чет элде чогулган акчалардын чоң бөлүгү БЖПга жиберилген. Компаниялар менен базар экономикасын өнүктүрүү саясатын колдогон он миңден ашуун Америка жана Европа жарандыгына ээ индустар да шайлоо кампаниясында Модини колдоп-кубаттоо жана шайлоочуларды ага добуш берүүгө үндөө үчүн Индияга келишти. Табигый болгондой, бул партия досторунун, анын саясатын колдоп-кубаттоочулардын жана Моди тарапкерлеринин күчтүү жардамынан пайда болгон бул кубаттын Модинин аброюн көтөрүүдө жана

башка партиялардын шайлоо кампанияларын четке сүрүүдө ролу күчтүү болду.

Кандай болбосун, Американын Ыраакы жана Ортоңку Чыгыштагы кызыкчылыгы фанатиктүү индус Модинин жеңиши артында тургандыгы анык. Араб тилиндеги Би-Би-Си 2014-жылы 19-майда «Көз караш: Моди Индия-Америка алакаларына кандай таасир өткөрөт?» деген макаланы басып чыкты. Лиза Кертис калемине таандык «Моди менен бирге иштөө» деген аталыштагы макалада мындай делет: «Нью-Дели менен Вашингтонду терроризмге каршы күрөшүү, деңиз жолдору үстүнөн көзөмөл орнотуу, Кытайдын көтөрүлүшүнө каршы туруу сыяктуу стратегиялык максаттар байланыштырып турат. БЖП Кытайга активдүү каршы туруу саясатына кызыкдар, бул болсо америкалык жооптууларга жаңы өкмөт менен тыгыз кызматташтык кылуу мүмкүнчүлүгүн берет». Америка президенти Барак Обама да – Ак үй чыгарган билдирүүгө ылайык – Модини жеңиши менен куттуктоо үчүн телефон аркылуу байланышып, аны Кошмо Штаттарга келүүгө чакырды. Обама Моди менен иштерди жөнгө салуу жана «Кошмо Штаттар менен Индия ортосундагы стратегиялык кызматташтыкты бекемдөө жөнүндө кезексиз келишимге жетишүү» үчүн аны менен жолугушууга ынтызар экенин айтты. Би-Би-Си Арабий 2014-жылы 16-майда басып чыккан кабарга ылайык, Обама «эки мамлекет ортосундагы алакаларды жакшылоо чечимине келишип алган учурда Модини Америкага чакырган».

2 – Ошентип, Америка шайлоолор бүтөрү менен жана Моди башчылыгындагы БЖП жеңишке жеткен акыркы расмий натыйжалар жарыяланышынан мурун кандай позицияда турганына күбө болдук. 2014-жылы 12-майда «Ортоңку Чыгыш» гезитинде мындай делет: «Обама али акырына чыга элек Индия шайлоолорун алкыштады. БЖПнын жеңишин көрсөткөн алдын ала божомолдор гана белгилүү болчу. Негизи, корутунду натыйжалар 2014-жылы 16-майда маалымдалат». Обама мындай дейт: «Биз жаңы Индия өкмөтүн көрүүгө жана келерки жылдардагы өз ара аракетибиз

жемиштүү болушу үчүн жаңы Индия жетекчилиги менен тыгыз кызматташууга ашыгып жатабыз...». Бул болсо Америка Моди башчылыгындагы БЖПнын жеңишке жетишүүсүн канчалык каалаганын көрсөтүп турат. Бул партия 1998-2004-жылдары бийликте турган Атал Бихари Важпаи жетекчилиги астында да Америка менен кызматташтык кылган. Ошондуктан, бул партиянын жеңишке жетишкени 2014-жылы 16-майда расмий түрдө жарыяланышы менен Обама дароо анын башчысы Модини телефон аркылуу куттуктады жана аны Вашингтонго келип, жолугушуу өткөрүүгө чакырды. Америка президенти Моди менен өткөргөн телефон сүйлөшүүсүндө «кызматташтык келишимин узартуу жана бул келишимди кеңейтүү о.э. Кошмо Штаттар менен Индия ортосундагы стратегиялык өнөктөштүктү өнүктүрүү үчүн Моди менен тыгыз кызматташтык кылууга үмүттөнүп жатканын» көрсөтүп өттү. (Индия телевидениеси, 2014-жыл, 17-май). 2014-жылы 5-июнда болсо эки гезит т.а. «Times of India» жана «Hindustan Times» гезиттери кабар таратты. Кабарга ылайык, Моди Америка президенти менен жолугушуу үчүн сентябрда Вашингтонго барат. Булардын баары Америка «өзгөчө стратегиялык өнөктөштүк» наамы астында Моди жетекчилик кылган партиянын башчылыгындагы Индия менен алакаларды бекемдөөгө толук ишеничте экенин көрсөтүп турат. Агенттиктер ушул жылдын башында Американын Индиядагы элчиси БЖП башчысы Моди менен жолугушканы жөнүндө кабарларды тараткан. Ушул жолугушуу шайлоолордон мурун болуп өткөн, бул болсо ортоктош пландар түзүлгөнүн, Моди бул пландарды шайлангандан кийин Америка саясатына ылайык ишке ашырууга киришүүсүн көрсөтөт.

Америка Модинин жеңишке жеткенине жана ИУК өкүмдар болгон он жылдан кийин БЖП бийликке кайтканына кубанды. ИУК бийликте турганда Америка менен Индия ортосундагы алакалар жакшы эмес эле. Себеби, ИУК айрыкча Кытайга каршы туруу маселесинде Америка менен келише албаган. Ошондуктан, Обама Америка малайлары бийликке кайткандыктан өз

кубанычын билдирүү үчүн Индиядагы шайлоолордун натыйжаларын чыдамсыздык менен күттү. Обама кубанганынан улам Модини Гужарат штатындагы мусулмандардын кыргыны себептүү Кошмо Штаттарга кирүүгө тыюу салуу жөнүндөгү Америка токтомун да унутуп койду. Ошол кыргында Моди ушул штаттын премьер-министри болчу. Мында Американын адам укуктары жөнүндөгү жалгандарына алданган кимселер үчүн сабак бар. Америка өзүнүн кызыкчылыктарын «адам укуктарынан» жогору коёт. Ошондуктан, Американын Модини АКШга кирүүгө тыюу салуу жөнүндөгү токтому Модини жеңиши менен куттуктап, Кошмо Штаттарга чакырууга айланды...

Ушуга ылайык, Америка БЖПнын бийликке кайтканына кубанып жатат. Бул болсо, Индия жана Пакистандагы акимдер Америкага канчалык малай экенин көрсөтүп турат. Ошондуктан, Америка Пакистандагы малайларынан, оболу, премьер-министр Наваз Шарифтен Индиянын Кытайга каршы туруудагы позициясын бекемдөө үчүн Индиянын пайдасына дагы да көбүрөөк жан берүүлөрдү талап кылышы күтүлөт. Башкача айтканда, Америка Пакистандын эсебинен Пакистан менен Индиянын ортосундагы жаңжалды токтотууну каалоодо... Пакистан менен Индиянын ортосундагы эки тараптуу алакалардагы негизги оор маселе жаңжалдуу Кашмир региону, андан кийин Индияда иш-аракет алып барып жаткан куралдуу Исламий топтор маселеси турат. Нью-Дели Пакистанды бул топторду колдоп-кубаттоодо айыптоодо. Ошондуктан, Америка экстремист индус Нарендра Модини жана анын партиясын ыраазы кылуу үчүн Америка малайы Наваз Шарифке Кашмирде Индия пайдасына чоң жана кооптуу жан берүүлөргө кадам таштаны үчүн басым өткөрүшү күтүлөт. Америка «терроризм» деп атап жаткан нерсени жок кылуу үчүн Наваз Шарифтен Кашмирдеги мужахиддерди куугунтуктоону да талап кылат. Мындан өнүгүп келе жаткан Кытайга каршы туруу үчүн Индияга мүмкүнчүлүк берүү көздөлгөн...

1998-2004-жылдары БЖП бийликте турган убакта да ушундай болгон. Ошондо да Пакистан Кашмир жаатында – ал жердеги Америка малайларын күчөтүү жана Америка таасирин бекемдөө үчүн – Индиянын пайдасына жан берүүлөргө барган. Наваз Шариф Американын көрсөтмөсү менен Пакистан армиясына Каргилл дөңсөөлөрүнөн чыгып кетүүнү буйруган. Негизи, бул дөңсөөлөрдү армия менен мужахиддер каармандык согуш алып барып азат кылышкан. Бул жан берүү Наваз Шариф 1999-жылы 4-июлда Америкага барып ошол убактагы Америка президенти Билл Клинтон менен жолугушкандан кийин жүз берген эле. Ошондо Америка Навазга армияны алып чыгып кетиши үчүн басым өткөрдү жана Наваз моюн сунуп армияга чыгып кетүү жөнүндө буйрук берди. Мына азыр да ушул Наваз жан берүүлөрдү дагы улантууда. Наваз Шариф 2014-жылы 26-майда жаңы Индия премьер-министри Модинин ант берүү ырасымында катышкандыгы жана аны менен жолугушуп бир жарым саат сүйлөшкөнү бул жан берүүлөрдүн белгилери болуп эсептелет. Моди ага мындай деди: «Пакистан өз жериндеги согушкерлерди бастырышы, согушкерлердин Кашмирге киришин токтотушу жана 2008-жылы Мумбайга чабуул кылгандарды жазалашы керек» (Рейтер, 2014-жыл, 27-май). Наваз Шариф алсыздык көрсөтүп, кордук менен баш ийди. Ал буга каршы эч болбогондо тең даражада да жооп бербеди. Тескерисинче, ал журналисттерге: «Моди менен эки жактуу жылуу жана достук жолугушуусун өткөргөнүн» гана айтты. Акыйкатта болсо, Индиянын Гужарат штатында жүз берген окуялар мусулмандардын көз алдында дагы эле турат. 2002-жылы Нарендра Моди Гужарат штатынын премьер-министри болуп турган убакта индустар мусулмандарга каршы жырткыч иштерди жасашып, акыбетте 2000ден ашуун мусулман өлтүрүлгөн жана 100 миңге жакын мусулман өз жеринен кууп чыгарылган. Бул мусулмандар дагы эле азап тартышууда, үйлөрүнө дагы дале кайта алышпады, штат өкмөтү да, Индиядагы борбордук өкмөт да аларга эч кандай жардам көрсөткөн жок. Наваз Индия Пакистанга караштуу Балужистан жериндеги сепаратисттерди

колдоп-кубаттап жатканын да козгободу. Ошентип, Наваз эч болбогондо ушулардын баарын жаңы Индия премьер-министри Модинин бетине айтуунун ордуна Америка саясатынын талаптарына моюн сунуп Моди алдында кор болуп турду!

3 – Башка тараптан, Америка Индияга Афганистанда роль бергени жана бул эки мамлекет ортосундагы алакаларды бекемдөөгө аракет кылып жатканы байкалууда. Америка Афганистанда туруктуулукту камсыздоодо Пакистанга муктаж болуп калбоо үчүн Индия менен Афганистан ортосундагы алакаларды бекемдөөгө аракет кылууда. Ошондуктан, Моди ант берүү ырасымында жолугушкан биринчи президент Афганистан президенти Карзай болду. Америка учурда Индиядагы бийлик Америкага баш ийип турганда Пакистанга караганда Индияга көбүрөөк ишеним артат. Ал тургай, Пакистандагы бийлик Америкага малай болсо да, бирок, Америка бул исламий өлкөдө ар кандай учурда ар кандай өзгөрүү жүз бериши мүмкүндүгүнөн коркот. Ошондуктан, Америка Пакистанга узак убакыт аралыгында ишенбей келүүдө. Себеби, бул өлкө калкы өзгөрүү жасоо аракетинде. Ал жерде Батыштан, айрыкча, Америкадан бүтүндөй азат болууга карай чыныгы жана олуттуу умтулуу бар. Америка бул өлкөдөгү режимдин желкесине минип алып, өз малайларын бийликке алып келүүдө, армия командачылыгын да өз чеңгелинде кармап турат. Ушул таризде Америка Пакистандагы саясий жана аскерий жетекчиликте өзүнүн таянычтарын пайда кылып алган.... Америка Үммөт анын таянычтарын кулатышынан коркууда. Америка Үммөт Ислам башкаруусун тургузуп, Халифалыкты тикелешинен эң көп коркууда жана абдан тынчсызданып жатат... Ошондуктан, Америка өзүнүн аскерлерин Афганистандан «чыгаргандан» кийин Афганистандагы иштерди тартипке келтирүүдө Пакистан режимине таянуу менен гана чектелбей, Индияга Афганистандагы абалды тартипке салууда өзүнчө роль бермекчи. Бул болсо, Америка жана Батыш күчтөрү Афганистандан чыгып кеткенден кийин Индия менен

Афганистан ортосундагы коопсуздук боюнча кызматташтыкты бекемдөө жана Америка коопсуздук жагынан көбүрөөк Индияга таянышы менен ишке ашырылат. Американын «Сайенс Монитор» гезити 2014-жылы 1-июнда Индия-Афганистан алакалары жөнүндө отчёт басып чыкты. Отчётто мындай делет: «Афган президенти Хамид Карзай өткөн аптада жаңы Индия премьер-министри Нарендра Модинин ант берүү ырасымында катышканда өзү менен кошо Афганистан колго алууну каалап жаткан тизмени алып келди. Тизме танктар, курал-жарактар, жүк машиналары жана вертолётторду камтыйт». Гезит минтип кошумчалады: «Карзайдын талаптары Нью-Дели Кабулга жеткирип берип жаткан аскерий жардамдарын көбөйтөбү же жокпу деген маселе Индус өкмөтүндө жана аскерий чөйрөлөрдө талкууланып жаткан учурга туура келүүдө...». Гезит дагы мындай деп жазат: «Индиянын Афганистан менен адаттагы жылуу алакалары бар. Индия Талибан бийлиги доорунда Афганистандан четтеп, учурда Кабулдун стратегиялык шеригине жана досуна айланган». Ошентип, Индия Америка малайы Моди доорунда Афганистандагы Америкага малай режимдин пайдасына коопсуздук жагынан активдүү роль ойномокчу.

4 – Кытай жөнүндө айта турган болсок, Кытайдын таасири акыркы жыйырма жыл аралыгында күчөдү. Себеби, Кытай региондогу өзүнүн абалын бекемдөө үчүн аракет алып барды. Америка Кытайды анын айланасындагы Япония, Түштүк Корея, Вьетнам жана Индия сыяктуу мамлекеттер аркылуу тизгиндөөгө аракет кылууда. Кошмо Штаттар Кытайды кысымга алуу жана аны өз чегараларынын жанында жайгашкан мамлекеттер менен ар дайым алек кылып коюу максатында түрдүү союздарды жана өнөктөштүктөрдү түздү. Америка өз планына ылайык Индияны Кытайга каршы туруучу татыктуу мамлекет деп билди. Себеби, Индия менен Кытай ортосунда чегараларга тиешелүү түрдүү келишпөөчүлүктөрдөн улам мурунтадан келе жаткан душмандык бар.

Ошентип, Америка Кытайга басымдарды күчөтүү үчүн Индияны таасирдүү таризде ишке салуу планын түздү. Америка ушул аркылуу Кытайды кысымга алып, Кытайды өз айланасындагы региондорду өз көзөмөлүнө алышына тоскоолдук кылмакчы, аны өз жеринде камалган абалда калтырып, Индия менен жана өз чегараларын коргоо менен алек кылып коймокчу. Ушул максатта Америка эки жыл мурун Азия-Тынч Океанына карата өз планын жарыялады. Америка Кытайга каршы туруу үчүн өзүнүн деңиз күчтөрүнүн 60%га жакынын ушул регионго топтошу жана региондогу мамлекеттер менен – аларды өз тарабына оодуруу жана Кытайга каршы аракет кылууга багыттоо үчүн – союздарды түзүшү ушул саясаттын бир бөлүгү. Бул мамлекеттер арасында Индия да бар. Америка Индиянын этибарын Тынч Океанындагы чыгыш регионго, аныгы, Түштүк Кытай деңизи регионуна каратууга аракет кылды. Америка Индияны бул региондогу нефть жана газ сыяктуу энергия булактары менен кызыктырууга урунду. Бирок, ИУК башчылыгындагы Индус бийлиги бул багытта Америкага кошулбады. Акыйкатта болсо, Америка ИУК башкарып жаткан Индияны Кытайга каршы туруу иримине тартуу үчүн бүткүл таянычтарын ишке салып басым өткөргөн эле. Америка ушул максатта өткөн жылдын ортосунда вице-президент Жозеф Байденди о.э. мамлекеттик катчы Жон Керрини Индияга жиберген жана Австралияны Индия менен кызматташтык кылууга үндөгөн. Америка Пакистанга – Индия пайдасына жан берүүлөргө жана Индия менен чектешкен чегаралардан өз күчтөрүн алып чыгууга мажбурлоо үчүн – басым өткөрдү. Себеби, ошондо Индия өз күчтөрүн жана бүткүл этибарын Кытай менен чектешкен чегараларга көчүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Жорж Буш да 2006-жылы ИУК доорунда Индияга келип, Индияны колдоп-кубаттаган бир нече келишимдерди, алардын катарында, ядролук энергиядан тынч максаттарда пайдалануу тармагындагы келишимге кол койгон. Обама да Индияга 2010-жылы ноябрда келди. Булардын баары Индияда бийликте турган ИУКка таасир өткөрүү жана аны Америка саясатына тартуу үчүн

жасалган. Бирок, Америка ИУКка – бул партия Америка саясатынын алкагында жүрүшү үчүн же Америка саясатын ишке ашырууда Америка тарабында турган күчтүү шерик болушу үчүн – таасир өткөрө албады. Мунун себеби ИУК англистерге малай экендигинде жана Америка саясатын сындашында... Бул партиянын 2005-жылдагы шайлоолордогу билдирүүсү ушуга далалат кылып турат. Ошол билдирүүдө мындай делген: «Бул улуу Индия мамлекети АКШга ээрчиген жөнөкөй бир мамлекетке айланып калганы өкүнүчтүү. АКШ жетекчилиги Индияны малай кылып алууну кепилдей алды. Бул болсо, бийлик Индиянын улуттук коопсуздук кызыкчылыгына жана тышкы саясатына маани бербей, Кошмо Штаттардын кызыкчылыгына жана саясатына ылайык өзүнүн саясатын өзгөртүшүнө алып келди».

Ошентип, Америка ИУКту Кытайга каршы Америка саясатын ишке ашырууга көндүрө албаган. Мындан тышкары Кошмо Штаттардын Индус армиясынын командачылыгын Индия армиясын Пакистандан Кытайга каршы жайгаштырууга көндүрүү аракети да ийгиликсиздикке учурады. Индус армиясы бүткүл этибарын ички туруктуулукка, Кашмирге жана Пакистан менен чектешкен чегараларга каратат. Пакистан менен чектешкен чегаралар бойлоп тогуз Индия армиясынан жетөөсү о.э. үч аскерий бригада жайгаштырылган. Индия армиясынын негизги аскерий базаларынын 80%ы Пакистанга каршы багытталган.

Бирок, учурда 2014-жылы майдагы шайлоолордо БЖП жеңишке жетишти, бул партия токсонунчу жылдардагы Важпаи доорунан бери ар дайым Кошмо Штаттарга малай болуп келген. Ошондуктан, Америка Индияны Кытайга каршы багытташы үчүн дагы бир учур пайда болду. Индияны Кытайга каршы багыттоо алдында турган чоң тоскоолдук т.а. ИУКтун бийликте турушу жок болду. Ошондуктан, Америка өзүнө малай БЖПны Индия армиясын Пакистан менен чектешкен чегаралардан Кытай менен чектешкен чегараларга топтоого көндүрүшү оңой болуп калды.

Айрыкча, Пакистандагы саясий жана аскерий жетекчиликтин Америка талаптарына моюн сунушу этибарга алынса, Кошмо Штаттар БЖПга Пакистан жетекчилиги Пакистан армиясын түндүк региондор бойлоп жайгаштырышы, Пакистан армиясынын Индия менен чектешкен чегаралардагы даярдыгын жана аскерий техникасын азайтышы туурасында кепилдик бериши анык! Маалымат үчүн айтабыз, Пакистан кургактык күчтөрү негизинен 13 армиядан турат, алардын тогузу Индия чегараларынын жанында жайгаштырылган. Мушарраф жана Кияний доорунан тартып түндүк региондордогу жана Суват регионундагы аскерий операциялар бул армиялардын айрымдарын Индия чегараларынан алыска көчүрүүгө алып келди.

2013-жылы январда генерал Кияний мамлекеттин стратегиялык доктринасын жарыялады. Натыйжада, аскерий абалга өзгөртүү киргизилди жана мамлекет коопсуздугунун эң чоң коркунучу Индия эмес, ички коркунучтар деп белгиленди. Муну менен Пакистан бүткүл этибарын Индия чегараларынан Афганистан менен чектешкен өзүнүн түндүк региондоруна каратты. Бирок, Индия Пакистандын кадамына жооп катары дал ушундай кадам таштаган жок, тескерисинче, Индия Пакистанды дагы эле негизги коркунуч катары кароодо. Ошондуктан, Индия өз күчтөрүн Пакистан чегараларынан бүтүндөй алыстатуудан баш тартып келди.

Кандай болбосун, азыр Индия жана Пакистан режимдери Америка саясатын аткарууда. Ушул максатта Америка Пакистанды Афганистан жана Түндүк региондор иши менен алек кылып коюуну улантууда. Арийне, бул жерде ири Индия аскерий күчтөрүнүн Пакистан менен чектешкен чегараларда турушун актаган эч кандай негиз калбайт. Бул болсо Индияга өз күчтөрүн негизинен Кытайга каршы топтоо мүмкүнчүлүгүн берет. Ушул максатта Кошмо Штаттар Индияга коопсуздук келишимдери аркылуу аскерий жабдыктарды жеткирип берет. Учурда бийликте БЖП турат, бул партия көптөн бери жарым аралда полицей ролун ойноону арзуу кылып

келген жана ал ушул жолдон барат. Америка Индияга инвестиция жаткыруу жана Индия экономикасына жардам көрсөтүү үчүн технологияларды жеткирип берүү сыяктуу экономикалык келишимдерди сунушташы күтүлүүдө. БЖП Түштүк Кытай деңизиндеги энергия булактарына ээ болууга аракет кылып, өзүнүн аскерий даярдыктарын жан үрөп кеңейтиши да ыктымалдан алыс эмес.

Америка Кытайды кысымга алуу, көзөмөл астына алып анын аракеттерин чектеп коюу жана Индия Кытайга атаандаш күч катары майданда пайда болушу үчүн бул стратегиялык кызатташтыкты бекемдөөдөн шек-күмөнсүз кызыкдар. Айрыкча, БЖП шайлоолордо бир өзү бийликте турушуна мүмкүнчүлүк берген көпчүлүк добушту алып жеңишке жетишкени Америка Индияны Кытайга каршы аракеттендиришин жеңилдетет:

а) Тибет регионунун эгемендүүлүк маселесин, Кытай менен Индия ортосунда Ладакх регионундагы чегарада жүз берген келишпестик маселесин козгоо...

б) Соода жолдорунун т.а. Кытай деңизи аркылуу өтө турган соода жолдорунун коопсуздугу, бул жолдор аркылуу эл аралык жүктөрдүн 50%ы өтөт.

Булардын баары Кытайга проблемаларды туудуруп, Кытайды аларды чечүү менен алек кылып коёт. Арийне, Кытайды анын айланасындагы региондорго камап коёт. Бул болсо, Американын Кытайга каршы даярдаган саясатына ылайык келет. Америка Модини Кытайга каршы аракеттендире алганы көрүнүп турат. Себеби, Моди армиянын мурунку командачысы В.К.Сингхти түндүк-чыгыш региондун – ал жердеги улуттук коопсуздук абалын реформалоо үчүн – министри кылып дайындады. Модинин айтымында, бул региондогу коопсуздук абалы мурунку бийлик доорунда күчсүздөнүп калган. Ал бейшемби күнү ант берүү ырасымынан кийин журналисттерге «түндүк-чыгышты өнүктүрүү менин эң биринчи даражалуу вазыйпам болот» деди. Ошондуктан, Сингх түндүк-чыгыштагы Кытай менен

чектешкен чегаралар бойлоп 80 миң аскерден турган күчтөрдү түзүүгө тиешелүү Индия планына дагы көңүл бурушу күтүлөт.

Ошентип, Америка Индияны Кытайга каршы аракеттендирүү планын улантууда. Бул үчүн Индиянын Пакистан менен чектешкен чегараларынын коопсуздугун камсыздайт. Ушул максатта Америка Пакистан жетекчилигине Пакистан армиясын Афганистан менен чектешкен чегараларга жана түндүк региондорго жиберүүнү буюруп жатат. Америка Пакистан армиясы бүткүл күчүн Кашмирди туткундуктан куткарып азат кылууга каратуунун ордуна өзүнүн мусулман боордошторуна каршы согушка киришин көздөп жатат. Акыйкатта болсо, Аллах мусулмандарга Аллахтын душмандары мусулман өлкөлөрүнө өкүмдар болуп алышына мүмкүнчүлүк бербөөнү фарз кылган.

***«Жана Аллах эч качан кафирлер үчүн момундар үстүнө жол бербейт»*** [4:141]

Америка кылмыштары, фитналары жана мамлекеттердин суверенитетин бузуу менен эң жырткыч колонизаторлордон да өтүп кетти... Америка өзүнүн колонизаторлук кызыкчылыктары үчүн ар кандай кылмыш жана фитнаны жасоого даяр. Ал Кытайга каршы ачык түрдө фитнага тил бириктирип жаткан болсо, Индияга каршы жашыруун түрдө фитна кылууда. Америка Индияга кургактык жана денгизде Кытайга каршы туруу Индиянын кызыкчылыгына кызмат кылат деген элести берүүдө жана Индияны жардамдар, стратегиялык союздар менен кызыктырууда. Негизи булардын баары Индияга зыян болот. Себеби, Кытай Индияга караганда материалдык жана пикирий жактан күчтүү... Ошентсе да, Кытай менен Индияны бириктире турган нерсе да жок жана алар бири-бирине каршы күрөшкө кириши таң калычтуу да эмес. Бирок, Пакистан жана Афганистан режимдери мусулмандарды өлтүрүүнү талап кылган Америка саясатын аткарып жатканы таң калтырат... Мындан да таң калычтуусу – бул эки залим режим дагы эле адамдардын желкесинде олтурганы! Аллах Ислам менен азиз кылган бул Үммөткө Исламды бекем кармап, аны хакам кылышы, тигил режимдерди

жок кылып, Ислам мамлекети, рошид Халифалыкты кайрадан тикелеши важиб. Халифалык Американы жана анын фитналарын талкалап, Афганистан, Пакистан жана бардык мусулман өлкөлөрүн Аллахтын боордош пенделерине айлантат.

***«Ошол күндө момундар Аллах үстөм кылганы себептүү шаттанышат.*** *(Аллах)* ***Өзү каалаган кишини үстөм кылат. Ал кудурет жана ырайым Ээси»*** [30:4-5]

**13-шаъбан, 1435-х.**

**11-июнь, 2014-м.**

## Индия жарым аралында ракеталарды өнүктүрүүнү жандантуу

**Суроо:**

*Акыркы убактарда Индия жарым аралында ракеталарды сыноо аракеттери кыймылга келди. 2017-жылы март айынын башында, Индия АбдулКарим аралында МИГ үлгүсүндөгү ракетеларын сыноодон өткөрдү. Ушул эле жылы, мындан бир аз мурдараак Пакистан (Абаабиил) 2200 км.ге жете турган ракетасын сыноодон өткөрдү. Ал ракета кассеталык дүрмөттү камтый алат. Ракеталарды мындай сыноодон өткөрүү – Пакистан менен Индия ортосундагы куралдануу жарышынын жаңычасыбы? Ракеталарды сыноодон өткөрүүнүн бул аймакка карата таасири кандай болот?*

**Жооп:**

Пакистан жана Индияда ракеталарды сыноодон өткөрүү – бул эки өлкөнүн экинчи сокку берүүгө кудуреттүү болушу үчүн өзөктүк прогаммаларын өнүктүрүүгө болгон аракеттери. Бул ачык-айкын болушу үчүн, Индия жарым аралындагы куралдануу жарышына назар салып чыгуу зарыл.

1 – Өлкөлөр өзөктүк куралга ээ болуу үчүн эки негизде иш алып барат. Биринчи, аскерий артыкчылыкка ээ болуу. Мисалы, Түндүк Корея бул жаатка катуу басым жасайт. Түндүк Корея – жөнөкөй аскерий куралга ээ

болгон Түштүк Кореядан аскерий жактан артыкчылык кылууда жана куралсыздандырылган Түштүк Корея аймагындагы Америка куралдуу күчтөрүнө ташбиш жаратууда – өзөктүк куралга ээ болууну негизги баскыч деп түшүнөт. Экинчи, өлкөлөрдүн өзөктүк куралдар конфронтациясы. Мисалы, СССР Корея согушу аркылуу Кытайды да өзүнүн өзөктүк чатырына кошуп алуу аракетинде ийгиликсиздикке учурагандан кийин, Кытай өзүнүн өзөктүк куралы болуусуна аракет кыла баштады. Кытайдын бул аракети өз кезегинде Индияны өзөктүк куралга ээ болууга түрттү. Ушундай эле Индиянын бул кадамы Пакистанды өзөктүк куралга ээ болууга түртү. Мына ушундайча бул үч өлкө өз ара ядролук чабуулга каршы туруу үчүн өзөктүк куралга ээ болуу аракетин башташты.

2 – Бирок, өзөктүк дүрмөткө ээ болуу каршылашынын өзөктүк курал иштетишине бөгөт коюуга жетишсиз. Ал тургай, өзөктүк дүрмөттөн коргонуу максаты ишке ашкан күндө дагы, өзөктүк куралга ээ болгон өлкөлөр өзүнүнүн өзөктүк арсеналын ар кандай чабуулдан коргоого кудуреттүү болушу керек. Өзөктүк дүрмөттүн каршылаш тараптагы мелженген жерге жетип баруу кудуретине ээ болушу – биринчи сокку деп аталат. Биринчи соккуга туруштук берүү жана өч алуу соккусун берүү кудуретине ээ болуу – экинчи сокку деп аталат. Тактап айтканда, биринчи өзөктүк соккуга туруштук берип, кайра каршылашка карата өзөктүк сокку берүү кудуретине ээ болуу. Өзөктүк дүрмөткө ээ мамлекеттин суу астындагы кемеси да өзөктүк сокку урууга кудуретүү болсо – өзөктүк үчтүк деп аталат. Анткени, суу астындагы кемени көрүү кыйынга турат жана ал учактан урула турган соккуну зыянсыздандырууга кудуретүү болот.

3 – Экинчи сокку кудуретине ээ болгон эки мамлекет ортосунда – карышылашынын өзөктүк дүрмөтүн ишке салуусууна бөгөт коюу (коргонуу) аракети – активдүү иштей баштайт. Анткени, экинчи сокку эки тарапты тең бүлгүнгө салат. Ошондуктан, эки тарап тең биринчи соккунун алдын алууга умтулат. Өзөктүк курал стратегдери буга «өз ара кыйратуучу абал» т.а. бири-

бирин кыйратуу (MAD) деп атама беришет. Ошондуктан, кадимки өзөктүк куралга салыштырмалуу, каршылашынын өзөктүк дүрмөт колдонушуна бөгөт коюу аракети зарыл болуп саналат.

4 – 1998-жылы Пакистан менен Индия өзөктүк сыноолорун баштагандан бери, өз ара кыйратуучу абал (MAD) себебтүү, өзөктүк курал окумуштуулары, стратегдери жана саясатчылары жогоруда айтылып өткөн өзөктүк куралга бөгөт койуу теориясын ишке ашырууга аракет кыла башташты. Эки тарап тең жарым аралда өзөктүк коркунуч бар деп ишенишет. Мына ушул нерсе ракета технологиясын өнүктүрүүгө болгон тез аракеттин негизги түрткүсү болуп калды. Ракета башындагы өзөктүк дүрмөттүн көлөмүн кичирейтүү жана ракетанын октолуп атылыш амалияттарын өнүктүрүү да ушул алкакка кирет. Ошол эле учурда, акыркы убактагы Пакистан менен Индиядагы сыноолор өзөктүк куралды ооздуктоо теориясын колдонуу зарылдыгын да түшүндүрүп турат. Өткөн кылымда эки тарап тең биринчи сокку алкагындагы ракеталык технология жаатында бир топ алга жылган. Эми ошону менен эле бирге, эки тарап тең экинчи сокку жаатында эбегейсиз аракет жумшап жатышат. Буга төмөндөгү мисалдар далил:

а) 2017-жылы 9-январда Пакистандын баллистикалык ракеталарды (SLBM) алып жүрүүчү суу астындагы кемеси Индокеандын белгисиз аймагында Бабур-3 ракетасын ийгиликтүү сыноодон өткөрдү. Ал жерде 450 км.ге жете турган канаттуу ракетаны сыноодон өткөрдү. Ачыкка чыгып калбашы үчүн, аны деңизде сынады. Пакистан армиясы Бабур-3 ракетасын сыноодон өткөргөндүгүн айтты. Бул ракета Исламабадга өзөктүк экинчи сокку кудуретин берет. (https://www.wsws.org/en/articles/2017/02/28/inpk-f28.)

Ушул эле учурда, Пакистандын өзөктүк отун менен иштей турган суу астындагы кемеси жок. Ошондуктан ал Бабур-3 ракетасын дизель жана ток менен иштей турган суу астындагы кеме менен алып жүрүүгө аргасыз. Анткени, мындай кеменин суу астында жүрүү чамасы чак. Пакистандын

Бабур-3 ракетасы Индиянын К-4 үлгүсүндөгү ракеталык системасына каршы жооп катары турат. Индия бул ракетасын баллистикалык ракеталарды алып жүрүүчү суу астындагы кемеси (SLBM) аркылуу 2014-жылы май айында сыноодон өткөргөн. Ал ракета 3000 км.ге жетет. Б.а. Пакистанга жана Кытайга чейин жете алат. Мына ушундайча Пакистан менен Индия экинчи сокку кудуретине ээ болуп калышты.

б) Курамы көптөгөн бутага тие турган (MIRV) (кассеталык типтеги) ракеталарды сыноодон өткөрүү. Индия 2016-жылы декабрда, 2017-жылы январда өзөктүк дүрмөткө ээ эки ракетасын сыноодон өткөрдү. Биринчиси Ajny V. Бул баллистикалык ракета жерден жерге атылат жана өзөктүк арсеналдын тез өнүккөн түрү болуп эсептелет. Экинчиси Agni V. Бул ракета бир нече бутага тие турган (кассеталык типтеги) ракета, 5000 км ге жетет. Буга кошумча, 2017-жылы январда Нью-Дели Agni IV ракетасын сыноодон өткөрдү. Бул ракеталык система 4000 км.ге жетет. Agni V ракетасы Кытайдын өзөктүк арсеналы жайгашкан жерге чейин жетет. Ушул жылдын башында Пакистан Абаабиил ракетасын сыноодон өткөрдү. Бул ракета кассеталык типтеги (MIRV) ракета болуп саналат. Пакистан армиясы сыноо ийгиликтүү өткөнү тууралуу кабар берди.

Баллистикалык жерден жерге атыла турган Абаабиил ракетасы 2200 км ге жетет. Ошондой эле MIRV технологиясы негизинде, анын башы кассеталык типте даярдалган жана бутага так тийүү, душмандын радарын талкалоо кудуретине ээ. Пакистандын Абаабиил ракетасы Индиянын өзөктүк калканын талкалай турган негизде иштелип чыккан. Ошондой эле Индия буга жооп катары, өзүнө карата атылышы мүмкүн болгон Пакистандын өзөктүк ракетасына бөгөт койуу максатында Ashvin ракетасын активдүү сыноодон өткөрдү. MIRV технологиясы негизинде бир ракета бир нече ракетага айланат жана душмандын бөгөт койуучу (перехватывающая) ракетасынын кудуретин жокко чыгара алат.

5 – Пакистан менен Индия ортосундагы куралдануу жаатындагы жарыштагы максат, экинчи соккуну тандоого болгон даярдык. Бул нерсе Индия менен Кытай ортосундагы өзөктүк тең салмактуулукка доо кетирет. Кытай өзөктүк куралды ооздуктоо маселеси жаатында эле иш алып барып жатат. Индия MIRV технологиясын тез өнүктүрүү жана ракеталарды алып жүрүүчү суу астындагы кемелерди өнүктүрүү жаатында аракеттенүүдө. Бул нерсе Индиянын аскерий жетекчилерине дем берди. Индия армиясынын жетекчиси генерал Бипин Рават Индия бир учурда эки фронтто (Пакистан жана Кытай менен) согуш алып барууга кудуреттүү экенин билдирди.

Индия Agni V ракетасын сыноодон өткөргөндүгүнө Кытай ачууланды. Кытайдын ТИМнин басма сөз катчысы Чунь Ин мындай деди: «Эгер Индия өзөктүк кудуретке ээ болгон баллистикалык ракетеларды өнүктүрсө, ал тууралуу БУУнун Коопсуздук Кеңешинде ачык-айкын эрежелер бар». Кытай министирлиги «Индиянын Agni Vти сыноодон өткөрүүдөгү максаты – Кытай менен конфрантацияга барууга болгон дымагы» экендигин белгилеп өттү.

6 – Индия мындай провокациялуу саясатын Американын колдоосусуз алып барышы мүмкүн эмес. 2005-жылы Америка менен Индия ортосунда ушул жаатта №123 макулдашууга кол коюлган. Бул келишим аркылуу Индия жарандык реакторлору үчүн өзөктүк отунду туруктуу алып турууга мүмкүндүк алган. Ошондой эле, бул өзөктүк отун өзүнүн өзөктүк долбооруна да колдонуу мүмкүнчүлүгүн алган. Трамптын админстрациясы мурунку Америка адмнстрациясы Индия жаатында жетишкен жылыштар негизинде иш алып барууга ынтызар экендигин билдирди. 2017-жылы февралда, Америка коргоо министири генерал Жеймс Маттис Индиянын коргоо министири Манохар Барикар менен телефон аркылуу сүйлөшкөндө «Индиянын акыркы убактарда кылган прогресси өтө чоң жетишкендик» деп мактады. Дагы «эки өлкө коргонуу жаатында кызматташарына» ишаара кылды. Ал мындай деди: «Американын жаңы админстрациясы ушул прогресске негизделип иш алып барат».

Корутундулап айтканда, Америка Индия жарым аралындагы өзөктүк курал жарышы аркылуу Кытайды да өзөктүк куралдануу жаатына сүңгүтүп киргизүүнү көздөгөн. Американын мындагы максаты, Кытайды экономикасын жандантуудан алыстатып, аскерий жакка тартуу. Ушул ыкма менен Кытайдын кулашы жеңил болот. Анткени, Америка СССРди да ушул ыкма менен кулаткан эле. Мунун каршысында, Кытай өзөктүк куралдануу жарышын четке кагып, өзөктүк куралды ооздуктоо жаатында гана иш алып барып жатат.

**12-жумадус-саний, 1438-х.**

**11-март, 2017-м.**

## Индия Кашмирдин өзгөчө макамы бекер кылышынын артында эмне турат?!

**Суроо:**

*«Ак үйдүн билдирүүсүндө айтылышынча, жума күнү АКШ президенти Дональд Трамп Пакистан премьер-министри Имран Хан менен телефон аркылуу сүйлөшүп, Индия менен Пакистан эки тараптуу сүйлөшүү өткөрүү аркылуу Жамму жана Кашмирдеги кескин абалды басаңдатууга аракет кылуулары өтө маанилүү экенин айтты». (Рейтер, 2019-жыл, 17-август). Трамп бул сөздү Моди Кашмирди расмий түрдө аннексия кылып, эми ал Индия менен Пакистан ортосундагы талаштуу зона эместиги менен мактанып жатканда айтууда: «2019-жылы 15-августта Индия премьер-министри Нарендра Моди мамлекеттин эгемендүүлүк майрамы менен куттуктаган кайрылуусунда «анын өкмөтү мурунку өкмөттөр жетишпеген ийгиликке жетишкенин» баса белгиледи». (Шаркул Авсат, 2019-жыл, 16-август). Суроо мындай, Индия Кашмирди расмий түрдө аннексия кылып алган болсо, бул сүйлөшүүнүн эмне пайдасы бар? Эмне үчүн Пакистан Кашмирди азат кылуу үчүн жихад алып баруу менен туура иш-чара көрбөй*

*жатат, негизи, анын армиясы буга кудуреттүү го? Кийин, бул иште Американын ролу барбы? Аллах ажырыңызды берсин.*

**Жооп:**

Жооп жаркын болушу үчүн ушуларды баян кылабыз:

1 – АКШнын тышкы саясий пландары үчүн бүткүл дүйнө региондору ичинде Евразия региону маанилүү болуп эсептелет. Америка бул региондо ага атаандаштар пайда болбошу үчүн катуу аракет кылып жатат. Бул региондогу анын төрт ыктымалдуу атаандашы: Россия, Кытай, Германия жана Халифалык. Учурда, Америка реалдуу атаандаш Кытай деп билүүдө. Советтер Союзу кулагандан тартып, америкалык стратегиялык саясатчылар Кытай АКШ кызыкчылыктары үчүн эң чоң коркунуч деп карап келишет. Иш жүзүндө америкалык стратегдер Кытайдын деңизде бир күч катары өсүшүнө сокку берүү үчүн Азия мамлекеттеринен жана Тынчтык океанынан пайдаланышты. Индия жарым аралын Кытайдын Евразияда өкүмдар күч катары өнүгүшүнө каршы ишке салышты. Америка Тайван, Таиланд, Вьетнам, Филиппин, Япония, Индонезия жана Австралия сыяктуу мамлекеттер менен көптөгөн союздарды түзүү аркылуу Азия регионундагы жана Тынчтык океанындагы күчтөрүн бекемдеп жатканда, Индия жарым аралында, өзгөчө, Индияда эч кандай ири союз түзбөдү. Ошентип, Важпаи токсонунчу жылдардын акырында Индия премьер-министри болду. 2000-жылы президент Клинтон Индияга сапар жасаган соң бул өлкөдөн пайдалануу эң жогору даражага көтөрүлдү. 2001-жылы 11-сентябрь окуяларынан Буш администрациясы Индияга негизги этибарын каратты. Америка Индия менен Кытайдын ортосундагы аскерий айырманы кыскартуу үчүн ар кандай чараларды көрүп келүүдө, мисалы, АКШ менен Индия ортосунда ядролук келишимге кол коюлганы сыяктуу.

2 – Американын баамында, Кашмир жаатында Индия менен Пакистан ортосунда уланып келе жаткан кескиндик Индия жарым аралынын Кытайга каршы күрөшүнө терс таасир кылууда... Ушул себептен улам, ушул

кескиндикти жоюу үчүн Кошмо Штаттар Индия менен Пакистан ортосунда мамилелерди нормалдаштырууга аракет кыла баштады. Максат – бул эки мамлекетти Кашмир үчүн бири-бири менен согушуусунан алыс кармап, алардын аракеттерин Кытайдын өнүгүшүнө каршы Кошмо Штаттар менен кызматташууга багыттоо. Америка «Кашмирди Индия аннекция кылып алса, мен Пакистанга басым кылып, Индияга каршы аскерий аракет кылуусуна жол бербей, теманы сүйлөшүү тарапка бурамын, ошондо Индия-Пакистан проблемасы чечилет» деп ойлоп жатат. Кудум Фалестиндеги Аббас режими жана араб мамлекеттери менен яхудий мамлекети ортосундагы аскерий аракетти алдын алганы сыяктуу. Мына, бүгүн яхудийлер Фалестинди басып алып, каалагандай аннекция кылып жатат! Ошентип, Моди Жамму жана Кашмирди аннекция кылууга жана ал жерде түзүмдү өзгөртүүгө киришти, 2019-жылы 5-августта конституциянын Кашмир жөнүндөгү 370-беренесине өзгөртүү киргизүү токтомун кабыл алды. Бул беренеде Жамму жана Кашмир вилаятына чоң автономиялык укук берилген болчу. Т.а. Кашмир өз конституциясына, байрагына, тышкы иштер, коргоо жана байланыш иштеринен тышкары көптөгөн маселелерде көз карандысыз эле. «Кайра карап чыгуу» мыйзамы деп аталган өзгөртүү токтомунда болсо, басып алынган Кашмир эки регионго т.а. Жамму жана Кашмир регионуна, Ладах регионуна бөлүндү, алардын администрациясы Нью-Делидеги федералдык өкмөткө моюн суна турган болду. Эртеси, 2019-жылы 6-августта Индия парламентинин жогору палатасы бул мыйзам долбоорун 125 депутаттын макулдугу жана 61 депутаттын каршылыгы менен тастыктады, 35-беренени бекер кылды. Бул беренеде кашмирлик болбогон адамдарга кыймылсыз мүлк жана жер сатып алууга тыюу салынган. Бул болсо, башка вилаяттардагы индустардын Кашмирге көчүп келүүсүнө жана ал жерден кыймылсыз мүлк, жер сатып алып, өкмөттөгү кызматтарда иштешине алып келет. Өз кезегинде, бул калкынын чоң бөлүгү мусулман болгон региондун калкы жана маданияты өзгөрүшүнө себеп болот. Башкача айтканда, яхудий мамлекети

Фалестинде аннекция амалияттарын алып барышына окшойт! Нетаньяху муну Американын ыраазылыгы жана «жашыл чырагы» менен кылып жаткан болсо, Моди да анын ыраазылыгы жана «жашыл чырагы» менен ишке ашырууда. Т.а. Моди АКШнын ыраазылыгына жана колдоп-кубаттоосуна таянып Нетаньяху моделине ээрчүүдө.

3 – Индия Кашмирдин өзгөчө макамын бекер кылуу жөнүндө жогорудагы токтомду жарыялаганда Пакистан туруксуз позицияны карманып, мындай абалга чекит коюу үчүн каралоодон ары өтпөдү. Мисалы, Пакистан тышкы иштер министрлиги жарыялаган билдирүүдө мындай делет: «Пакистан Нью-Дели 2019-жылы 5-август күнү чыгарган токтомго кескин наразылык билдирет, Индиянын мындай бир тараптуу иш-чарасы ортодогу жаңжалды өзгөртө албайт, мындай мыйзамсыз иш-чараларга каршы Пакистан бул эл аралык жаңжалдын бир бөлүгү катары, колунан келген чараларды көрөт». (Франс-Пресс агенттиги, 2019-жыл, 5-август). О.э. Пакистандын Москвадагы элчиси Казы Халилуллах: «Учурда Пакистан өкмөтү Индиянын Кашмирдеги иш-чараларына дипломатиялык, саясий жана укуктук жооп кайтарууга даярдык көрүүдө, бул жаатта өкмөткө сунуш берүү үчүн атайын комиссия түзүлдү», - деди. Демек, Пакистан режими дал Аббас режиминин жана араб мамлекеттеринин позициясын карманат... Алар яхудий вужудунун мубарек Фалестин жериндеги мыйзамбузууларына каршы эч кандай аскерий аракетке барышпастан, каралоо жана наразылык билдирүү менен чектелип жаткандай, Пакистан да армияны согушка аракеттендирбестен, жөн гана каралоо позициясын тандоодо! Бул да жетишпегендей, проблеманы чечүү үчүн БУУга жана АКШга кайрылып жатат, акыйкатта болсо, алар душмандар!

﴿هُمُ الْعَدُوُّ فَاحْذَرْهُمْ﴾

***«Алар душмандар. Демек, алардан этият болгун»*** [63:4]

4 – Пакистан премьер-министри Имран Хан 2019-жылы 11-август күнү Твиттерде Индиянын бул кадамы «Индиядагы мусулмандарды

репрессия кылууга, кийин Пакистанды бутага алууга алып келет, бул тектик тазалоо аркылуу Кашмирдеги калктын абалын изден чыгарууга урунуудан башка нерсе эмес», - деп, эл аралык коомчулуктан жардам талап кылып, Индияны тыйып коюу үчүн эл аралык коомчулукта кудурет бар экенин баса белгиледи! Ал Пакистан да кудуреттүү экенин унуткандай. Мисалы, Индия 2019-жылы 26-февралда Кашмирдеги жамааттар лагерлерине аба чабуулдарын жасап, «лагерлерде көптөгөн адамдарды кыргын кылды». Андан мурун Кашмирдеги жамааттар 2019-жылы 14-февраль күнү Индиянын басып алынган Кашмирдеги кошуунуна каршы операция алып барып, 41 индус аскерин өлтүргөнү айтылган. Индия чабуулунун эртеси күнү Пакистан Индиянын эки учагын атып түшүрүп, бир учкучун тутканга алып, экөөсүн өлтүргөнүн... кабарлады. Бул болсо, Пакистан армиясы Индияны тыйып коюуга кудуреттүү экенине, бирок, анын режими бул үчүн эч бир олуттуу кадам таштабай жатканына, тескерисинче, Американын буйруктарына итаат кылып жатканына далалат кылат. Мисалы, Америка эки учак атып түшүрүлгөндө абалды курчутпоону талап кылды. Кабарларга ылайык, «Индия «Жайшу Мухаммад» жамаатынын лагерине абадан чабуул жасашы артынан АКШ мамлекет катчысы Помпео индиялык жана пакистандык кесиптештери менен телефон аркылуу сүйлөштү, кийин билдирүү жарыялап эки тарапты тынчтыкты сактоого, коркунучту жана кескиндикти курчута турган ар кандай аракеттен тыйылууга үндөдү». Ал тургай, Америка Индия тарабында турду: «Индиянын аба соккулары терроризмге каршы күрөш болуп эсептелет, биз Пакистанды өз аймагында аракет кылып жаткан террорчу жамааттарга каршы олуттуу аракет кылууга чакырабыз». (Франс пресс жана Рейтер агенттиктери, 2019-жыл, 28-февраль). Бул билдирүүдөн Америка, кудум Фалестинде кылгандай, Индия тарабында турганы, анын бул кадамын колдоп-кубаттап жатканы жаркын көрүнүп турат. Америка өз өлкөсүн коргоп, аны азат кылууга аракет кылып жаткан мусулмандарга каршы ар дайым яхудий вужудунун тарабын алып келүүдө. Индиянын мына

ушундай кылмыштарына карабастан, Пакистан режими да Аббас режими жана араб мамлекеттеринин режимдери сыяктуу, Америкага кайрылуу жана проблеманы чечүү үчүн анын аралашуусун күтүү адатына берилген бойдон калды. Пакистан Америка Индия тарабында турганын билет. Мисалы, Пакистандын Вашингтондогу элчиси Мухаммад Хан 2019-жылы 2-февраль күнү өз билдирүүсүндө мындай деген: «АКШ мамлекеттик катчысынын билдирүүсүнөн Индиянын позициясына колдоо көрсөтүлүп жатканы айкын болуп турат. Бул болсо, Индияны дагы да шыктандырууда», кийин: «Ыктымал, эч бир мамлекет АКШдан жакшыраак роль ойной албаса керек», - деп кошумчалады. (Франс-Пресс, 2019-жыл, 2-февраль). Т.а. Мухаммад Хан АКШ мамлекеттик катчысынын билдирүүсүнө таянып Америка Индияны колдоп жатканын моюнга алууда, бирок, проблеманы чечүү ролуна Америка ылайык деп эсептөөдө! Негизи, бул акимдерди Коопсуздук Кеңеши жана БУУ... сыяктуу нерселер менен алек кылып туруу Американын адатына кирет. Чынында эле, Пакистан режими ушундай кылды жана Индия менен абалды курчутууну каалабай жатканын, Нью-Делиге каршы БУУга расмий түрдө нааразылык билдирерин, мындан ашык да, мындан аз да аракет кылбашын жарыя кылды. Ал тургай, бул режим эки катыл учкучту Индияга тапшырмакчы экенин расмий жарыялап, «тынчтык белгиси» деген нерсени айтып, учкучтарды тапшырды. Ошентип, Кашмир аннекциясы артынан Пакистан «Кашмир вилаятынын автономиясы бекер кылынгандан кийин Коопсуздук Кеңешин ушул вилаяттын мамкамы боюнча атайын сессия өткөрүүгө чакырды... Жыйында Пакистандын БУУдагы өкүлү Малиха Лодхи Коопсуздук Кеңешинин Кашмир маселесин атайын сессияда кароо жөнүндөгү токтомун алкыштап, Кашмир маселесинин эл аралык даражада ортого салынганын, шексиз, (бул маселе) Индия менен сүйлөшүү өткөрүү аркылуу чечилишин баса белгиледи». (Арабий жадид, 2019-жыл, 16-август).

5 – Мындай позиция ушуларга далалат кылууда, Пакистан режими Индияны токтотуу үчүн эч качан аскерий позицияга өтпөйт жана ага каршы

бир да олуттуу аракет кылбайт. Бул болсо, Кашмирдин өзгөчө макамын өзгөртүү жөнүндөгү Индиянын токтомун жана анын баскынчылыгын бекемдейт. Белгилүү болгондой, 2019-жылы 21-июлда Имран Хан Пакистан армиясынын командачысы Жавид Бажва, разведка жана ички коопсуздук кызматынын жетекчиси Файз Хамид менен биргеликте АКШга сапар кылды. Жолугушуу учурунда Трамп андан Афганистанда Америка пайдасына роль ойноп берүүнү талап кылып, «Пакистан 18 жылдан бери Афганистанда уланып жаткан согушка чекит коюу үчүн саясий сүйлөшүүдө ортомчу болушуна жана бул иште жардам беришине үмүт кылып жактанын» билдирди. Имран Хан Трамптын буйругуна дароо моюн сунуп: «Талибан менен жолугушамын жана болгон аракетимди жумшап, аны Афган өкмөтү менен сүйлөшүүгө олтурууга көндүрүүгө аракет кылам», - деди. Кийин Имран Хан Пакистан режиминин саткындыгына жана Америкага кызмат кылып жатканына сыймыктанып: «Пакистан разведкасы америкалыктарга Усама бин Ладендин жайын аныктоого көмөк көрсөткөн маалыматтарды берген», - деди. (Рейтер, 2019-жыл, 22-июль). Америка Индияны колдоп-кубаттап жатат, ал эми, Пакистан мына ушинтип Америкага кызматтарды көрсөтүүдө! Индия Кашмирдин өзгөчө макамын бекер кылуу жөнүндө токтом кабыл алганда АКШ тышкы иштер министрлиги: «Биз Кашмир жана башка курч маселелер туурасында Индия менен Пакистан ортосунда түздөн-түз сүйлөшүү өткөрүлүшүн колдоп-кубаттайбыз», - деп билдирүү берди. (Рейтер, 2019-жыл, 7-август). Америка Индиянын бул кадамын каралабады жана бул эл аралык мыйзамдарга тескери деп айтпады, тескерисинче, сүйлөшүүгө чакыруу менен Имранды жана анын режимин акаарат кылды. Демек, кандай сүйлөшүү болушу мүмкүн, акыйкатта болсо, Индия Кашмирди расмий түрдө аннексия кылып бүткөн болсо?! Бул болсо Америка Индиянын бул кадамына ыраазы экенине далалат кылат. Ыраазы гана эмес, ал тургай, алдын ала муну жакшы билгенин көрсөтүүдө. Себеби, Индия Америка менен

кеңешпей жана андан «жашыл чырак» ишаратын албастан бул сыяктуу кадамга барбайт.

6 – Биз 2004-жылы 21-майда жарыялаган «Басып алынган мусулман өлкөлөрүндөгү саясий маселелер» деп аталган китебибизде Кашмир маселеси жөнүндө мындай делет: «Ошондуктан, Америка өз таасири астындагы эки мамлекет – Индия менен Пакистан ортосунда Кашмир жаатында түшүнбөстүк болбошуна аракет кыла баштады. Проблеманы чечүү үчүн негизги көз карашын өзгөрттү т.а. башында маселеге эл аралык түс берилген болсо, эми ал эки тараптуу маселеге айланды. Америка Кашмирди бөлүштүрүү менен маселени чечмекчи болду. Мында Азат Кашмир Пакистанга, Индия өкүмдарлыгы астындагы Кашмир болсо Индияга таандык болуп калат». Бүгүнкү күндө болуп жаткан окуялар ушул китебибизде айтылган пикирлерге туура келүүдө. Индия Кашмирдеги баскынчылыгын бекемдөө максатында бул кадамга барды жана ал жерде жаңы абалды жаратты.

7 – Кытай Индиянын бул кадамын каралады. Индия «Кайра карап чыгуу» мыйзамы астында конституциянын Кашмир жөнүндөгү 370-беренесине өзгөртүү киргизүү токтомун кабыл алып, басып алынган Кашмирди Жамму жана Кашмир, Ладах регионуна бөлдү жана бул эки региондун адмнистрациясын Нью-Делиге федералдык өкмөткө моюн сундурду. Ладах региону Кытайга жакын Тибет тоолорунда жайгашкан. Ал эми, Индия бул мыйзамды кабыл алуудан мурда Кытай менен кеңешпеди. Ошондуктан, «Баян» гезити маалымдагандай, ушул жылы 8-августта Кытай тышкы иштеринин маалымат катчысы Хуа Чуньин Нью-Делинин токтомуна раддия катары мындай билдирүү берди: «Соңку убакта Индия чегара жөнүндөгү өзүнүн жергиликтүү мыйзамдарын Пекинге кайрылбастан өзгөртүү менен Кытайдын регионалдык саясатын бузууда, Кытай мындай аракетке макул болушу мүмкүн эмес». Токтомдо Ладах бүтүн аймак болуп, Кытай-Индия чегараларынын батыш бөлүгүн өз ичине алары баса

белгиленген. Билдирүүдө: «Кытай Индия административдик вилаят деген шылтоо менен (Кытай жерлерин) кошуп алышына ар дайым каршылык билдирип келген», - делет.

8 – Жогоруда айтылгандарды мындай тыянактайбыз:

а) 370-берененин бекер кылынышы, кийин Модинин кылган жана дагы эле кылып жаткан иштери Американын «жашыл чырагы» жана колдоп-кубаттоосу астында болууда. Америка «бул аннексия мусулмандарга Кашмирди унуттурат, эми Индия менен Пакистан өз ара проблемасыз мамлекеттерге айланат, себеби, экөөсү тең менин планым ылайык жүргөн режимдер» деп ойлоп жатат. Бирок, Кашмир Пакистан жана башка жерлердеги мусулмандардын жүрөгүнүн орун алганын жана алар Кашмирге башка басып алынган исламий өлкөлөр сыяктуу назарда карашын АКШ да, Индия да унуткан көрүнөт же унутумуш болуп жатышат.

б) Пакистан режиминин Кашмир аннекциясына ыраазы болуп, сүкүт кылып жатканы Пакистан мусулмандары жана армиясы ыраазы болуп, сүкүт кылып жатышканын түшүндүрбөйт. Бул армиянын соккуларын Индия өтө жакшы билет, эки учагы атып түшүрүлгөн окуя да жакында эле болду. Имран режими Пакистан армиясына Кашмирди азат кылуу үчүн чабуулдарды уюштуруусуна жол бербей, аны коргонууда гана кармап, анын бул коргонуусу да чектелген учурда армия ушундай соккулар берди! Эгер, бул армия согушка сапарбар кылынса, эмне болушу мүмкүн. Демек, душман бул армияда өз кыйроосун көрүп-сезиши анык!

в) Кытай Индиянын бул кадамын каралады. Кытай тышкы иштер министрлиги чыгарган билдирүүдө мындай делет: «Индиянын бул токтому бир тараптуу болуп, Кытайдын регионалдык суверенитетине терс таасир кылууда, эл аралык келишимдерди бузууда. Пекин Кашмир вилаятынын мыйзамдуу макамын өзгөртүү жөнүндөгү Индиянын бир тараптуу токтомуна ыраазы болбойт жана ал кабыл алгыс токтом деп билет». (Анадолу, 2019-жыл, 8-июнь). Т.а. Кытай Индиянын мындай кадамы региондогу Индия

позициясын бекемдешин, аны Кытай менен атаандаша турган регионалдык мамлекетке айлантышын, бул болсо, Кытайдын регионалдык кубатына каршы багытталган АКШ планына ылайык болуп жатканын түшүнүүдө. Өзгөчө, Кашмир вилаятындагы Ладах Кытайга жакын Тибет тоолорунда жайгашкан, анын калкы аз (270000) болушуна карабастан, Кашмир проблемасы Кытай менен кеңеш өткөрүлбөстөн, Индия-Кытай чегараларындагы Ладах регионунда мына ушундай түрдө чечилиши Кытай сындоолоруна себеп болду. Эгер, Кытай өз кадамдарын бекемдеп, саясий аң-сезиминен туура пайдаланып, Ладах абалынан өз кызыкчылыгы үчүн пайдалана алса, АКШ пландарын кыйратышы анык, АКШ Ладахты өз күчтөрүнүн Кытайга каршы алдыңкы оперативдик базасына айлантууну пландап жатканда, АКШнын ушул планы америкалык күчтөр кайтып чыга албай турган даражада жарга кулашына алып келиши мүмкүн!

9– Ошентип, биздин мусибатыбыз мусулман өлкөлөрүндөгү акимдерде. Анткени, өз акы-укугубузду күч менен кайтарып алууга жана душманга унуткус сабак берүүгө потенциалдарыбыз жетиштүү, ашыгы менен бар! Бирок, Аллахтын, Расулунун жана момундардын саткыны болгон бул акимдер ааламдар Роббисинен көрө, бул колонизатор кафир кожоюндарына миң эсе көп сажда кылып жатышат... Армияларыбызга басып алынган Кашмирди душмандан азат кылуусуна жол бербей жатышат. Бул да жетпегендей, кор абалда БУУ жана Коопсуздук Кеңешинен болбогур нерселерди үмүт кылышууда...

Бирок, ушул мусибаттарга карабастан, Фалестин, Кашмир, рохинжалар жери болгон Бирма, Чыгыш Түркстан, Кавказ, Чеченстан жана анын айланалары, Крым, муаззин азаны жаңырган жана Ислам душмандары тарабынан басып алынган ар бир регион Аллахтын уруксаты менен, эртең мусулмандардын калканы болгон рошид Халифалыктын мужахид армиясынын колу менен кайра Ислам диярына айланат, бул региондордо Ислам байрагы желбирей баштайт. Кимде-ким бул дүйнөдөгү күч-кудуретти

жана акыреттеги Фирдавс Аъланы кааласа, анда, калыстык, чынчылдык менен жеңди түрүп, ушул Халифалык үчүн аракет кылып жаткандарга кошулсун жана бул аракет анын канында, жүрөгүндө, денесинде аксын.

﴿إِنَّ هَذَا لَهُوَ الْفَوْزُ الْعَظِيمُ * لِمِثْلِ هَذَا فَلْيَعْمَلِ الْعَامِلُونَ﴾

***«Албетте мына ушул улуу бакыттын өзү. Амал кылуучулар мына ушундай*** *(түбөлүк бакыт)* ***үчүн амал кылышсын!»*** [37:60-61]

**17-зул-хижжа, 1440-х.**

**18-август, 2019-м.**

## Ирак маселеси боюнча берилген суроолорго жооптор

### Ирактагы шайлоо тууралуу

***Суроо:*** *Ирактагы коопсуздуктун сезилерлик даражада туруктуу эместигине жана Мусулмандар уламаларынын комитети сыяктуу таасир күчүнө ээ катмарлардын бойкот жарыялашына карабай, Америка администрациясы менен Ирак өкмөтүнүн келерки айдын акырында шайлоолор өткөрүүгө мынчалык катуу турушунун себеби эмнеде? Ирактагы эң маанилүү катмарлар катышпаган шайлоолор Америка ойлогон натыйжаларды т.а. элдин эркин көрсөтүшү мүмкүнбү?*

**Жооп:** Америка абдан жийиркеничтүү жана коркунучтуу оюнду аткарууда. Канчалык зордук-зомбулук жана жырткычтыктарды кылса да, баары бир Ирак каршылыгын өчүрө албай турганын, атүгүл, аны азайта албай турганын түшүнүп жетти. Себеби, ирактыктар Американы колонизатор, баскынчы капыр мамлекет деп билишсе, Ирактын убактылуу өкмөтүн болсо Американын малайы, куурчагы деп билишет.

Америка өзүнүн жаман оюнда «эгер Ирак калкы бир-бири менен кагылышып кетсе согуш машакатынан кутуламын, ички согуш күч алып кеткенде алар мага куткаруучу катары карашат» деп ойлогон эле.

Ушуга карай, шайлоолор аркылуу «мыйзамдуу» болуп көрүнө турган өкмөттү пайда кылуу максатында, шайлоолордун өткөрүлүшүнө катуу турду.

Мындай абалда шиалар жеңип чыгып, суннийлердин негизги бөлүгү сыртта калат. Суннийлер менен кагылышканда коопсуздукту камсыздоо шиалардын мойнуна түшөт. Бул болсо баскынчы күчтөрдүн жүгүн бир кыйла жеңилдетет да, ал абалды алыстан туруп күзөтө турган болуп калат. Мурун салгылашуу өзү менен Ирак калкынын ортосунда т.а. баскынчы менен баскынчылык астында калгандардын ортосунда болуп жаткан болсо, эми бул кагылышуу баскынчылык астында калган эки тайпанын ортосуна көчөт.

Америка, баскынчы күчтөр менен анын астына түшүп калгандардын ортосундагы согушту – баскынчы астындагы эки тайпанын, «мыйзамдуу шайланган» өкмөт менен ага каршы чыгуучулардын ортосундагы согушка – көчүрмөкчү экендигин төмөндөгүлөр көрсөтүп турат:

1. Ирактагы коопсуздук туруксуз, бул баарыга белгилүү жана ал жасалма үч бурчтук деп аталган нерседе да анык көрүнүп турат. Алар шайлоолорду бойкот кылбаган тагдырда да, ага беймарал бара алышпайт, белгилүү бир көрүнүштө шайлоо үгүттөрүн жүргүзө алышпайт.

2. Суннийлер «баскынчылар Иракта турганда бул шайлоолордун мааниси жок» деп билгендиктен, алардын аймактарындагы көпчүлүктүн пикири шайлоого катышпоо. Муну Мусулмандар уламаларынын комитети да жарыя кылды. Ал тургай, ушул аймактардагы баскынчылар таасири астында шайлоону макул деп тапкандар да аны кечиктирүүгө урунуп, ушуну талап кылышты.

3. Шиалар аймактарындагы көпчүлүктүн пикири болсо, шайлоолорду макулдоо эле эмес, балким, дилгирлик менен адам топтоодон турат. Муну Нажафтагы шиалардын диний жетекчилери да жарыя кылган. Бул аймактарда жүргүзүлүп жаткан үгүт иштеринин өзү да буга күбө. Даярдык ушунчалык даражада деп кой, атүгүл, мамлекеттин сыртында жашап жаткан шиалар да, мисалы, Ирандагылар да ушул шайлоого катышууга чакырылууда. Кабарларда айтылышынча, Иран тарабынан да ушул шайлоолорго катышууга катуу аракеттер бар экен.

Ушул факторлордон көрүнүп тургандай, шайлоонун натыйжалары Ирактагы мусулмандардын – суннийлер менен шиалардын ортосунда коркунучтуу бөлүнүүнү, чоң жараканы пайда кылат. Күрддөр аймагын айтпаса да болот, алардыкы да өздөрүнө таандык өзгөчө көрүнүшкө ээ.

4. Булардан тышкары, америкалык жооптуулардын өздөрү да «шайлоолор өткөрүлгөндөн кийин Иракта жарандык согуш башталып кетиши мүмкүн» дешкен. Маселен, Америка башкы штаб башкармалыгынын башчысы Майерс «жарандар согушу башталып кетиши мүмкүн» деп билдирүү берген.

Жогорудагылардан көрүнүп тургандай, шайлоолор боюнча шиалар менен суннийлер пикиринин ортосунда чоң айырма бар экендигин да; Америкага берилгендиги менен таанылган о.э. баскынчылардын таасири астында шайлоо өткөзүүнү макулдаган саясий күчтөрдүн – абалдын туруктаттуусу үчүн, кала берсе, мусулмандар алдында өз абройлорун сактап калуу максатында – шайлоолор бир нече айга кечиктирилсин деген талаптарын да Америка эсепке албай, шайлоонун өз убактысында өткөрүлүшүнө катуу туруп алганы, атургай, өз жооптууларынын шайлоолордон кийин жарандык согуш башталып кетиши мүмкүн деген сөздөрүн да көзгө илбей койгону – булардын баары жооптун башында айткан сөздөрүбүздү кубаттап турат. Т.а. Американын өз сөзүндө катуу туруп алышынан көздөгөн максаты – карама-каршылык мурун (сунний жана шиалардан турган) мусулмандар менен баскынчылардын ортосунда болгон болсо, эми шайлоолордон кийин ошол карама-каршылыкты көпчүлүгү мусулман шиалардан турган «мыйзамдуу» өкмөт менен мусулман суннийлерден турган каршылык кыймылынын ортосуна буруу, натыйжада, бул иши менен өзүнүн да, калган баскынчы күчтөрдүн да жүгүн жеңилдетүү.

Арийне, бул шайлоолор баскынчылардын таасири астында болуп жаткандыгынан жана шариятка тескери экендигинен сырткары, баскынчы

күчтөр менен согушуу биякта калып кетип, ички согуштардын башталып кетүү коркунучун алып келет.

**3-зулкаъда 1425-х.**

**15-декабрь 2004-м.**

## Американын Иракты бөлүү саясаты тууралуу

***Суроо:*** *Америка конгрессинин көпчүлүк 75 макул жана 23 каршы добуш менен Иракты үч майда мамлекетчеге (күрт, шиа жана сунний мамлекетчелерге) бөлүп жиберүү жөнүндөгү (мажбурлуу эмес) мыйзамды тастыктаганы жарыя кылынды.*

*Эми ушундай бир суроо туулат. Кантип конгресс абдан көпчүлүк добуш менен бул мыйзамды тастыктап, ошол эле учурда, ал мажбурий болбошу мүмкүн? Анда эмнеге мындай мыйзам кабыл алынды?*

**Жооп:** Саясий иштер бир канча көрүнүштөргө ээ болуп, эгер аларды чебердик менен колдонсо, аскерий иштер аркылуу жетише албаган натыйжаларга алып келет.

О.э. жеке кожоюн болууга жана таасирин орнотууга умтулган ири мамлекеттер саясий иштерди жөн эле көңүл ачуу үчүн кылбайт. Тескерисинче, мындай иштерден – мейли, көзгө көрүнбөсө да – бирер карасанатай максат көздөлөт.

Кала берсе, бул жерде дагы бир иш бар, ал саясий иштин өз максаттарын жашырып, душманга бул максаттарга каршы зарыл чараларды көрүү мүмкүнчүлүгүн бербей, аны кабарсыз калтыруу сыяктуу үлкөн кудуретке ээ болушу.

Бул нерсени жакшылап түшүнүп алсак, демек, мына ошол мамлекеттердин саясий иштерин түшүнүп алуу мүмкүн болот.

Кээде мындай мамлекеттер бирер кабарды акырын гана, жар салбастан таркатып коюшат. Бул кабарды басып чыккандарды куугунтуктоолору да мүмкүн. Негизи, ага бул кабарды жеткиргендер ушул мамлекеттердин өзү болот… Мунун баарынан көздөлгөн максат, мына ошол кабарга кандай

реакция билдирилишин байкап көрүү. Ошондон кийин билдирилген мамилеге карай иш алып барылат.

Бул мажбурий эмес мыйзам да ошондой нерсе. Себеби, конгресстин бирер мыйзамды талкуулашы, аны кабыл алуу же четке сүрүү жаатында дүрбөлөң көтөрүлүшү, андан кийин добушка коюлуп, көп добуш алышы – булардын баары ушул мыйзамдан кандайдыр бир максат көздөлсө гана болот. Мейли, ак үй мунун тескерисин көрсөтүүгө урунса да, бирок, андан бирер максат көздөлгөн болот.

Эми бул мыйзамдан көздөлгөн максатка келсек, азыр Америка Иракты бөлүп жиберүү маселесин өз күн тартибине киргизүү мүмкүнчүлүгүн үйрөнүп чыгып жатат. Анткени, бул оңой иш эмес. Тескерисинче, анын жергиликтүү, регионалдык жана эл аралык тоскоолдуктары бар. Ошондуктан, Америка бул «мажбурий эмес» мыйзам аркылуу «тамыр кармап көрмөкчү» о.э. бөлүп таштоо идеясына кандай реакция болушун билмекчи. Ушул максатты көздөп, бул идеяга добуш берилиши үчүн аны конгресске сунуш кылып, аны теориялык талкуудан практикалык талкууга көчүрдү.

Ооба, ошондой, алар азыр бул идеяга кандай мамилелер билдирилишин күтүп турушат жана бул идея жергиликтүү сунний менен шиа мусулмандарына кандай таасир көрсөтүшүн көрүшмөкчү. О.э алар анын регионалдык жактан боло турган таасирди да т.а. Түркиянын күрттөр үчүн өзүнчө мамлекетче тикеленишине кандай мамиле билдиришин о.э. Ирактын айланасындагы мамлекеттер да өз баштарына ушундай бөлүп таштоонун түшүшүнөн коркуп, буга кандай мамиле билдиришерин да көрүшмөкчү. Алар эл аралык майданда мындай идеяга кандай мамиле билдирилишин, анын кабыл алынышын же алынбашын да көрүшмөкчү. Себеби, экинчи дүйнөлүк согуштан кийин иштелип чыккан чегаралар картасын өзгөртпөө дээрлик эл аралык нормага кирип калган.

Ушуга карай, Америка кийинки кадамды таштоо жөнүндө т.а. мажбурий эмес мыйзамды мажбурий мыйзамга айлантуу жөнүндө ойлоп көрөт!

Ошондуктан, эгер мусулмандар бул маселе боюнча туруктуу позицияны ээлебесе, мансап күрсүлөрүнөн башка кам-кайгысы болбогон, ал тургай, өлкө жана адамдар өлүп кетсе да, өз мансабынан башканы ойлобогон бул малай акимдерди өзгөртпөсө, эгер мусулмандар алда качан эле майдалап ташталган өлкөлөрүнүн андан ары да майдаланышы канчалык кооптуу экенин түшүнүп жетишпесе, анда алардын тирүүлөй өлтүрүүгө ыраазы болгону ушул...

Мусулмандар Америка жана анын табакташтарынын пландарын жокко чыгарууга кудуреттүү. Мында эч кандай шек-күмөн жок. Анткени, алардын өлкөлөрү эр жүрөк азаматтарга да, мал-дүйнөгө да бай. Мындан да негизгиси, алардын колунда Алланын Китеби жана Расулунун Сүннөтү бар, улуу Ислам бар. Ислам аларга башкаруу үчүн Халифалык түзүмүн парз кылды. Анткени, бул түзүм – мусулмандардын бардык проблемалары үчүн чечим жана дабаа. Халифалык түзүмү, Алланын уруксаты менен, мусулмандарды – капыр аскерлердин Ислам өлкөлөрүн тепселешине жол коймок турсун, балким, Исламды жаюу жана караңгылыкты жок кылуу үчүн – бул капырларды өз уясына киргизип жиберүүгө да кудуреттүү болгон адамдарга айлантууга кепил.

Сөзүбүздүн аягында айтарыбыз, бул мажбурий эмес мыйзам дагы бир зор коркунуч болуп саналат жана учкундан пайда боло турган бир чоң оттон дарек берет.

**15-рамазан 1428-х.**

**27-сентябрь 2007-м.**

### Американын Ирактан чыгуусу тууралуу

***Суроо:*** *2011-жылы 31-декабрь күнү Ирак премьер-министри Нурий Маликий Иракта Америка күчтөрүнүн чыгышына байланыштуу майрам өткөрүүнү жарыя кылды. Мындан мурун 2011-жылы 12-декабрда ал Америкага эки күндүк сапар жасап, Америка Ирактан чыгышынын артынан Ирактагы абалды тартиптештирүүнү үйрөнүү үчүн президент Обама жана анын Ирак иштери боюнча орун басары Байден, АКШнын*

*мамлекеттик катчысы Клинтон айым менен жолугушту. 2011-жылы 15-декабрда Америка коргоо министри Леон Панетта Америка күчтөрүнүн Ирактагы аракети соңуна чыкканына байланыштуу Багдад аэродромунда майрам уюштуруу аркылуу ушул чечимди аткарарын жарыялап, майрамда Америка байрагы түшүрүлүп, ордуна Ирак байрагы көтөрүлдү.*

*Бул майрамдар эмнени түшүндүрөт? Америка чынында эле Ирактан толугу менен чыгып кеттиби? Америка өз максаттарын ишке ашыра албадыбы же өзү каалагандай, дүйнөдө чоң кубатка ээ жалгыз мамлекет катары Иракты ойрон кылып, таасирин орнотууга жетиштиби? Америка армиясынын чыгып кетиши Обама үчүн президенттик шайлоодо пайдасы барбы?*

**Жооп:**

Албетте, баскынчылыктын токтогонун майрамдоо улуу нерсе. Аллах Субханаху мусулман өлкөлөрүндө капырлардын таасири орнотулушун арам кылган:

***«Аллах эч качан капырлар үчүн момундар үстүнөн таасир орнотушуна жол бербейт»*** [4:141]

Бирок, бул майрам качан баскынчылык тамыры, бутагы жана жалбырактары менен чыгып кетсе гана, таасири, пикир жана мыйзамдары чыгып кетсе гана, америкалыктарды улуулаган чиновниктер жана малайлар жоголсо гана майрам болот. Мына ошондо мусулмандар кубаныч жана нусрат даамын татып майрамдашат:

***«Ошол күндө момундар Аллахтын нусраты себептүү шаттанышат»*** [30:4-5]

Бирок, баскынчылыктын көрүнүшү жана пландары калып, болгону аты гана өзгөрсө, анда, майрам нусрат жана кубаныч даамын жоготот.

Жоопту түшүндүрмөлөп берүү үчүн төмөнкүлөргө көңүлүңүздөрдү бурабыз:

1 – Белгилүү болгондой, Америка Обама жетекчилиги бийликке келеринен мурун Ирактан чыгууну пландаштырган. Иракка бастырып кирген Буштун мурунку жетекчилиги 2008-жылы 17-ноябрда Иракта өз таасирин туруктуу сактап калуу үчүн зордук менен коопсуздук келишимин ишке салды. Бул келишимдин 24-беренесинин 1-бөлүмүндө Америка күчтөрү Ирактан 2011-жылдын аягында чыгып кетиши белгиленген. Жаңы жетекчилик бул келишимди ишке ашыруу үчүн келди. Америка күчтөрүн Ирактан чыгаруу Обаманын убадасы болгон, бул убада Обамага шайлоодо ийгиликке жетишине салым кошту. Түпкүлүгүндө, бул коопсуздук келишимин Обама түзбөгөн болсо да, ал ушул келишимден пайдаланып алды. Келерки президенттик шайлоодо экинчи жолу өз талапкерлигин көрсөтүү үчүн армияны Ирактан чыгаруу жөнүндөгү убадамды аткардым деп, муну өзүнүн алдыдагы президенттик шайлоо кампаниясынын ийгилиги катары тартууламакчы.

2 – Жогорудагы суроону терең караган адам Америка Ирактан бүтүндөй чыгып кетпегенин, түздөн-түз аскерий формада гана чыгып кеткенин көрөт. АКШ Ирак күчтөрүнө көмөк көрсөткөн машыктыруучулар жана жардамчылар, Ирак күчтөрүнө билим берген инструкторлор, элчиликтин кызматкерлери деген ар кандай шылтоолор менен Америка күчтөрүн калтырды. Маалымат каражаттарына ылайык, бул адамдардын баары АКШнын Ирактагы төрт базасында жайгашкан.

Бүткүл Ирак калкы бул аскерий күчтөргө каршы экенинен улам, Америка бул күчтөрдү элчиликтин кызматкерлери жана машыктыруучулар деген чүмбөт астында калтырууну чечти. Жада калса, парламенттеги айрым күчтөр бул токтомго (Америка армиясын Иракта калтырууга) добуш бербешин да жарыялады. Ошондуктан, Америка миңдеген элчиликтин кызматкерлери жана Америка консулдугу менен келишим түзгөн жумушчуларга кошумча, машыктыруу шылтоосу астында жүздөгөн аскерийлерден турган 16000 күчтү калтыруу үстүндө Нурий Маликий жана

анын өкмөтү менен тил бириктирди! Бул туурасында 2011-жылы 13-декабрда Франция басма сөзүндө да мындай делет: «Кол тийгистик маселеси келишим түзүү аркылуу чечилди, ага ылайык, Кошмо Штаттардын Багдаддагы элчилиги дүйнөдө эң чоң элчикана болгонун, анын кызматкерлеринин саны 16 миң экенине күбө болдук». Т.а. америкалыктар башка наам астында дипломатиялык кол тийгистик астында өз адамдарын калтырып, өз каалоосун жүзөгө чыгарышты, аскерийлерди чыгаруу планын ишке ашырышты, бирок, жарандык кийимдеги абдан көп америкалыктарды калтырышты. Чындыгында, америкалыктар менен Нурий Маликий жана анын Ирактагы малайлары ушул негизде тил бириктиришкени маалым. Бул нерсе бир нече жылдан бери пландаштырылып келе жаткан. Ошондо, Америка Багдадда мына ушундай көлөмдөгү кызматкерлерди өзүнө батырган дүйнөдөгү эң чоң элчилик курууга чечим кылган. Ушул себептен улам, бул элчилик тыңчылыктын өтө чоң уясы болушу менен бирге, Америка базасы болуп саналат. Ал ошол жерде парда артында туруп Ирак иштерин башкарып эле калбастан, баскынчылык башталгандан тартып бүгүнкү күнгө чейин ишке ашырып келгендей, тил бириктирүүлөрдү түзөт, калк арасында фитналарды жана бөлүнүүлөрдү чыгарат. Мындан тышкары, жүздөгөн аскерийлер жана келишим негизинде иштегендер калат т.а. алар машыктыруучулар жана эксперттер деген маска астында Ирактын төрт базасын башкарып турушат!

3 – Америка Иракта өз өкүмдарлыгын жана таасирин орнотуу, атаандаш болуп жаткан Батыш мамлекеттеринин таасирине сокку берүү, бул өлкөнү региондогу өз базасына айлантуу максатында Иракты басып алган. О.э. Ирак байлыктарын талап-тоноо, өзүнүн түзүмүн жана жашоо образын мажбурлап тыгыштыруу, күч-кубатын сындыруу, Ирак Үммөттү бириктирип, Үммөттүн Кудуреттүү жана Даанышман Роббисинин башкаруусун тикелөөдө күчтүү борборлошуу базага айланышына чек коюу максатында басып алды. Ошондуктан, ал жерде дүйнөдөгү эң чоң элчилигинде көп сандагы кызматкерлерди жана келишим негизиндеги

жумушчуларды калтырды, Иракты коопсуздук, стратегиялык кызматташтык сыяктуу бир нече тармактардагы келишимдер менен байлап алды. Бул туурасында Америка президентинин орунбасары Жозеф Байден Багдадга сапар жасаганда мындай деди: «Мындан үч жыл мурун эки мамлекет өз ара стратегиялык кызматташтык алкагында келишим түзүшкөн, анда эки мамлекет узак мөөнөттүү кызматташтык жана достук алакаларын орнотууга кызыкдар экени баса белгиленген. Бул келишим дагы улантылат жана өлкөлөрүбүздүн өз ара пайдалуу алакалары негизинде курулат» («ал-Жазира», 2011-жыл, 12-декабрь). Обама Маликий менен биргеликте берген басма сөз конференциясында да ушундай сөздөрдү айтты: «Жада калса, акыркы аскер чыгып кетсе да Кошмо Штаттар Багдаддын туруктуу жана ишенимдүү шериктеши болуп калат». Бул келишимдин 17-беренесинин 1-бөлүмүндө мындай делет: «Иракка каршы бирер ички жана тышкы коркунуч жаралганда же анын суверенитети, саясий көз карандысыздыгы жана жерлери, суулары, аба мейкиндигинин бузулушуна себеп болгон же болбосо демократиялык режими жана өнөр-жай маселелерине коркунуч туудуруучу бирер душмандык аракети ишке ашса, Ирак бийлигинин талабына негизделип эки тарап даро стратегиялык кызматташтыкка киришишет. Ал эми, АКШ бул түрдөгү коркунучтарды жоюу үчүн эки мамлекеттин келишимдерине ылайык, дипломатиялык жана аскерий иш-чараларды же кандайдыр бир башка чараны көрөт». Бул берене малай ар кандай өкмөт Америка менен тир бириктирип, бул өкмөт Америка менен өз ара келишип «жардам керек» десе, АКШнын аскерий жактан аралашуусу жеңилдейт!

4 – Америка Иракты ойрондуга айлантты, аны ондогон жылга дагы артта калган жана күчсүз абалга кайтарды, жүз миңдеген калкын өлтүрдү жана жарадар кылды, миллиондогонун качкынга айлантты, калк арасында фитна, бөлүнүүнү чыгарды, өлкөнү бөлүнүүгө алып барчу жана ар бир регион өз эгемендүүлүгүн жарыя кылуу укугун кепилдөөчү зыянкеч куфр

конституциясын белгилеп берди... малай абалда калышы үчүн Иракты көптөгөн проблемаларга кириптер кылды, Иракты Америкага көз каранды кылган келишимдерди түздү, бул көз карандылыкты коргоочу, Иракта Американын таасирин жана өкүмдарлыгын колдоочу малайларды жаратты. Обама төмөнкү сөзү менен Америкага болгон көз карандылыкты жана малайлыкты кызматташтык сөзү менен туюнтту: «Биз мамлекеттерибиз ортосунда жаңы кызматташтыкты куруп жатабыз о.э. согушту чекит коюлбаган кармаш менен, бирок, ирак мекенине карай талпынуу менен аяктап жатабыз» («AFP», 2011-жыл, 15-декабрь).

5 – Тыянак ушул, Америка каршылык аракетинин күчтүү жана эсинен кеткис соккуларына туш келген болсо да, ал жердеги максатын жүзөгө чыгарып алгандан кийин жана Америкага ээрчиген бийлик системасын киргизгенден кийин, туруктуулукка жана өлкөнүн бүтүндүгүнө зыян жеткирген ыплас конституцияны кабыл алдыргандан кийин, коопсуздук о.э. өлкөнү америкалыктардын колуна тапшырып койгон келишимдерди түзгөндөн кийин Ирактан чыгып кетүүнү жарыялады. Өз бийлигине коркунуч жаралганын көргөн малайлар, эми, Америкага жүгүрүп барат! Кийин Иракта кандай түрдө болбосун, Америка таасирин коргоп туруу үчүн 16 миң америкалыкты камтыган жана тыңчылыктын үлкөн уясы эсептелген жарым аскерий база куруп алгандан кийин гана о.э. машыктыруучулар жана эксперттер чүмбөтү астында Ирактын төрт базасына жайгашып алгандан кийин гана Ирактан чыгып кетүүнү жарыя кылып жатат! Ар-Рафидайн жеринде Американын тамырына балта чабылмайын, аскер күчтөрүн алып чыгуу толугу менен ишке ашты деп саналбайт!

6 – Ушулардын бардыгына карабастан, Америка Иракта Роббиси менен азиз, дини менен күчтүү, адилет жана калыс башкаруудан башкасына ыраазы болбогон эр кишилер бар экенин көрдү. Мына ушундай адилет башкаруу жүзөгө келсе, Америка ыңгайсыз абалда түшөт жана ал качып калуу жолун издеп калат. Бул – Аллахка таптакыр кыйын эмес.

**7-сафар, 1433-х.**

**1-январь, 2012-м.**

## Масулду кайтарып алуу согушу тууралуу

**Суроо:**

*2016-жылдын 17-октябрында Мосулду кайтарып алуу согушу башталганы жарыя кылынды. Мындан максат эмне?*

*Мындан мурун Америкалык жооптуулардын Мосулду кайтарып алуу согушу бир канча жылдардан кийин башталары тууралуу билдирген билдирүүлөрүн кандай түшүнсөк болот? ИГИЛдин кн Мосулдан чыгарылгандан кийин бүтөбү? Эмне учүн Ирак өкмөтү менен Түркия ортосунда кайым айтышуулар болуп жатат? Эмне үчүн Түркия Ирактагы согушка катышууга бекем туруп алды?*

**Жооп:**

1. «»Жүрүп жаткан окуяларга көз салып караган адам,учурдагы иштер Иракты: Күрдистан, сунний, шиа кылып бөлүп салуу саясатын толуктоочу иш-чараларэкенин көрөт. Күрдистан аймагынын пайда болушубуга жаркын мисал. Америка бул саясатын бүгүн эле, же Иракты басып алганда эле баштай калган жок. Балким,Иракты басып алуудан мурда 1991-жылы Ирак түндүгүндө аба мейкиндигинде учууга тыйуу салгандан тартып баштаган. Ошондо мамлекет көрүнүшүндө Күрдистан аймагын пайда кылган эле! 2003-жылы Америка Иракты басып алганда, Ирак губернатору Бремер койгон система тайпачылык, мазхабчылык негизинде койулган. Бремер 2003-жылы июлда Ирак өкмөтүнүн межлиси аталышындагы кеңеш түздү. Август айында 25 мүчөдөн турган конституциялык комитет түздү. Конституциялык комитет баш мыйзамды «федерация»га ылайыктап түзүп чыгышты. Кийин январ айында бул баш мыйзамга добуш берүү болду. 2005-жылы бул конситутциялык жараянга мыйзамдуу түс бериш үчүн убактылуу

башкаруу мыйзамын киргизишти. Күчтөп добуш бердирүүлөргө карабастан, тургундардын 58% пайызы гана добуш берүүгө катышты. Бул баш мыйзамдагы беренелерден:

2005-жылы кабыл алынган Ирак баш мыйзамынын биринчи беренесинде: «Ирак федеративдик мамлекет», 116-беренесинде: «Ирак федеративдик республикасынын түзүмү борбордук жана федералдык аймактардан, провинциялардан жана шаарлардан түзүлөт». 117-берененин биринчи пунктунда: «бул баш мыйзам күчүнө киргенден тартып Күрдистан аймагын жана анын бийлигин федералдык аймак деп тааныйт» деп белгиленген. Эгер бул аймактын ыйгарым укуктарына назар салынса, Иракты жакынкы күндөрү бөлүп салуу ишке ашарын аңдап жетебиз. Айрыкча, 119-беренеде «башка аймактар да пайда болуу мүмкүнчүлүгү бар» деп келет... Мына ушундайча Америка Ирактын ушул баш мыйзамы аркылуу аны бөлүп салуу үрөөнүн сепкен.

2. Америка Иракты бөлө турган баш мыйзамды кабыл алдырууда ийгиликти сезди. Өз малайларын мүмкүн болушунча массалык пикир жаратууга милдетендирди. Бирок, алар ийгликке жетише албады. Аймактарды сунний-шиа деп бөлүшүнө карабастан, ал аймактарда чыныгы бөлүнү жок. Шиа-сунний кылып атама берилиши бул аймактар үчүн жат көрүнүш болду. Америка бөлүнү абалын жаратууда Маликийге сүйөндү. Ал Исламга жана мусулмандарга каршы ашынган душмандыгы бар адам эле. Аны 2006-жылы 20-майда өкмөт башчы кылды. Анын негизги максаты – шиалар менен суннийлер ортосунда күчтүү душмандыкты пайда кылуу болчу! Маликий бир мазхабга артыкчылык берип, башкаларын өгөйлөй баштады. Анын натыйжасында, абал аймак-аймактарга бөлүнүүгө шартташа баштады. Ал бул ишти аткарууда ийгиликке жетишти. Маликий суннийлер менен күрддөр ортосунда душмандыкты пайда кылды. Мына ошондон кийин, аймак-аймактарга бөлүнүү көпчүлүк адамардын талабына айланды. Мына ушундай аймак-аймактарга бөлүп жиберүү Американын Маликийди

өкмөт башына алып келгендеги биринчи талабы болчу.  Мына ошондуктан, аны дагы бир мөөнөткө  2014-жылы 18-сентябрда өкмөт башчылыгында калтырды. Анын бийликтеги мезгили тарыхта кара тамгалар менен жазылып калды. 2011-жылы Америка аскерий көрүнүштө Ирактан чыгып кеткенине карабастан, анын коопсуздук жана саясий чөйрөсү Иракта кала берди жана ал жерде фитна бышып жетилди. Маликийдин иши түшүм бере баштады. Текебердик жана зулум кылуу Американын негизги сыпаттарынан. Ал фитна өчүп баратканда аны кайра козгоп, жаңылап турду. Куралдуу шиа кыймылын пайда кылуу үчүнмазхабчылык чыңалуусун кайра-кайра курчутту.

Америка Маликий аркылуу суннийлерди өгөйлөп,ар бир ыңгайлуу учур келгенде жек көрүүчүлүк, зулум, митаамдык аркылуу мусулмандар ортосунда жарака пайда кылды... Адамдар зулумду токтотууну талап кылышса, аны көңүл сыртында калтырды. Тактап айтканда, суннийлерге кылынган зулумдарга көз жумду.  2012-жылы суннийлер зулумду токтотууну,айрыкча,түрмдөгү аялдарды бошотуу жана түндөлөрү баш аламандык кылууну токтотуу талаптары менен тынч жүрүштөрдү кылышты. Алар бийликти кулатуу талаптары менен чыгышкан жок. Бирок Маликий өкмөтү «террористтерге кызмат кыла турган талаптар» деп, ал талаптарды четке какты. Суннийлер федералдык аймак болуп бөлүнүүнү талап кылууларына түртүү үчүн, тынч жүрүштөрдү күч менен бастыра баштады. Муну Маликий өз ыктыяры менен кылган жок, балким, Американын ыраазылыгы жана көрсөтмөсү менен кылды. Ушул эле учурда, кээ бир шиа кыймылдары түштүк тараптан өзүнчө бир шиа аймагы болуп бөлүнүүнү талап кыла башташты. Шиалардынмындай аракети Анбар аймагында шиалардын бул аракетине каршы тынчтык жүрүштөрү болгонго чейин уланды. Иш ушуга эле чектелип калбады, кошуна мамлекеттер да мазхабчылык маселелерин козгоодо бири-бири менен жарышты.  Ушунун баары – Иракты бир бүтүн мамлекет кылбай, аны бөлүп жиберүү, элдерди бири-бирине кырдыруу жана ар бир тарап өздөрүнчө аймактарга бөлүнүүнү

күнү-түнү талап кылуулары үчүн – Америка тарабынан кылынган саясаттын негизинде болду!

3. Ушул алкак негизинде, ИГИЛ Мосулду өзүнүн кадам койо турган жери кылып алмакчы болду. Америка ИГИЛди Мосулга киргизсе, суннийлер менен шиалар ортосунда жарака дагы тереңдеп, Американын шиа менен сунийлерди бөлүү максатына кызмат кылат деп ойлоду. Маликий Мосулга куралдарды калтырып, армиясын чыгарып кете баштады жана банктагы акчаларды да калтырды. Иш мына ушундай болду... 2014-жылы июнь айында Мосулду ИГИЛ басып алганын жарыя кылды... Ирак армиясы согушпастан, Мосулду ИГИЛге белек катары берип койду деген маалыматтар байма-бай чыкты. Ирак офицерлери, коопсуздук кызматкерлери, аскерлери саны жагынан да, курал-жарак жагынан да үстөмдүк кылганына карабастан, куралдарын, кийимдерин, банктагы акчаларды таштай качышты. Көпчүлүк эл мындан күмөндөнө баштады, бул жердебир максат үчүн тил бириктирүү болуп, Мосулду белеке берип койушту деген күмөн саноолор күчөдү. Бул шек-күмөн ушунчалык деңгээлде күчтүү болду дейсиң, Маликий аны тан алып, фейсбуктагы баракчасына «Мосул тил бириктирүүгө тушукту» деп жазды. Ал өзү бул ишке аралашкан болсо да, бирок аны өзүнөн алыс кылууга аракет кылды. Негизи, ал ошол кезде өкмөт башчы жана аскерлердин башкы командачысы болчу, ал түздөн-түз бул ишке жооптуу адам эле! Мосулдагыдай эле окуя Рамадиде да кайталанды. Ал жерден да армияны алып чыгып кетти. Рамади окуясы каршылыксыз алынган алтын тайпа аталып калды. Бул окуялар боюнча Маликийди жана жетекчилерди тергеп-тескөө талап кылына баштады. Бирок, окуялар жаап-жашырылып, пардалар тартылды... Анткени аскерлерди алып чыгып кетүүгөМаликийдин колу малынып калган эле. Америка ошол үчүн бул теманы унутта калтыруу аракетин көрдү. Аскерлерди алып чыгып кетүү ИГИЛдин Мосулга кирүүсүн жеңилдетмек о.э. ИГИЛ сунний болгондуктан жана шиа куралдуу кыймылдары бар болгондуктан, Америка каалагандай,

шиа-сунний согуштары келип чыкмак жана анын натыйжасында Ирактын федерацияларга бөлүнүүсү жеңилдемек... Ошол үчүн ИГИЛдин Мосулга кириши учун армияны алып чыгып кетүүнү буюрду. Бул эле эмес, ИГИЛ Мосулга кирип жатканда, Америка аны бомбалоону четке какты. 2014-жылы 13-июнда Обама «Ирак жетекчилери тарабынан саясий план сунушталбагандыгы себебтүү, Вашингтон аскерий амалияттарга катышпайт» деп билдирүү берди. Бирок буга чейин эле Америка менен Ирак ортосунда коопсуздук жаатында келишимдер бар болчу. Ошондой эле, Ирак өкмөтү Мосул окуясы башталгандан тартыпэле жардам талап кыла баштаган. Ирак коргоо министри Зебари Жидда шаарында 2014-жылы 18-июнда «Багдад Вашингтондон жоочуларга каршы абадан сокку урууну талап кылды» – деди. Муну Американын штаб жетекчилеринин бири генерал Демпси Конгресс отурумунда тастыктады. Америка согушка аралашууну атайын кечеңдетти. Анткени, Америка планы: абалды чыңалтып, шиа-суннийлер ортосунда айыгышкан каршылыкты пайда кылуу аркылуу, Күрдистан сыяктуу, шиа жана сунний кылып Иракты федерацияга бөлүп жибере турган абал жаратуу болчу. Андан кийин, анан ИГИЛди Мосулдан айдап чыгуу каралган...

Аң-сезимдүү саясатчылар муну аңдай алышат. Бул жерде «Ирак Явм» сайты чыгарган бир кабарды эске сала кетебиз. Дипломатиялык булак: жогорку деңгээлдеги дипломатка Американын ИГИЛди бир жаңсыл кылууга байланыштуу шарты тууралуу кабар сызып кирген. Анда мындай деп келген «ИГИЛди бир жаңсыл кылып, Иракты андан тазалоо  жана Багдаддагы экинчи даражалуу бийликтерди жок кылуу, айрыкча Иран көрсөтмөлөрү менен иштеген жикчилдердин тагдырын чечүүдөгү  бирден бир шарт– Багдадга баш ийген үч федеративдик аймактын түптөлүшү». Ушул эле булак: «Вашингтон Ирактагы жаңы федерация бийлигин Коопсуздук Кеңешинин колдоп-кубаттоосу менен коргоого алууга убада берет».

Мына ушундайча Америка Маликийдин мазхабпарастыгы менен жана суннийлерди  жек көрүп аны өгөйлөшү аркылуу сунний-шиа ортосунда

айыгышкан душмандык пайда кылды. Анын максаты: мунун артынан Иракты борбор менен алсыз байланышкан федеративдикаймактарга бөлүп талкалоо болду. Андыктан, бөлүп жиберүүнү жеңилдетүү үчүн ИГИЛди пайдаланып, анын Мосулга киришин жеңилдети. Ошондой эле, Халифатты жаман көргөзүш үчүн да ИГИЛди пайдаланды. ИГИЛ Мосулга кириши менен карапайым калкты кыргын-сүргүн кылды, Америка ИГИЛдин бул аракетин Халифатка байламакчы болду. Бирок, Аллах алардын ишин оңунан чыгарган жок. Элдер Багдадийдин халифаты жалган экенине көздөрү жетти. Аллах тикелөөнү буюрган Пайгамбар с.а.в. башарат кылганчыныгы Халифалыктын кайтып келиши анык акыйкат экенин билишти. Адамдар ага тынчтык-амандык үчүн көчүп барышат. Ал Халифалык өз элине эле жакшылык нурун чачпастан, бүткүл ааламга чачат.

4. Ал эми Түркиянын Ирактын түндүгүнө жүрүшүнүн максатына келсек, Түркия суннийлерге «дем берүү» иши менен, ошондой эле, Иран да шиаларга «дем берүү» иши менен – булар Ирактын тезирээк бөлүнүшүнө салым кошушууда! Түркиянын Иракка кириши сунний-шиа ортосундагы жараканы дагы тереңдетиши үчүн, ал өзүн суннийлерди коргоочудай кылып көргөзүп жатат. Ошол эле учурда, Иран да өзүн шиаларды коргоочудай кылып көргөзүүдө. Ушунун баары бир максат үчүн болууда, ал максат – Иракты аймактарга бөлүп жиберүүнү жеңилдетүү.

Ал эми Түркиянын бул согушка катышууга катуу туруп алышы, Эрдоган менен Абадийдин бул тема боюнча кайым айтышуулары жана Эрдогандын Ирак өкмөтүнүн Түрк куралдуу күчтөрүн Мосулдун түндүк чыгышынан Ba'shiqah лагеринен чыгарып кетүү талбын четке кагуусу – бул иштер Эрдогандын да, Ирак өкмөтүнүн да колунда эмес, балким ал Америка саясатына ылайык кылынып жаткан иштер. Эрдоган Абадий менен кайым айтышып, өзүн сунийлери коргоочудайкылып көргөзүүдө жана анын артынан Американын «федерация» долбоору ишке ашышына шыкак берип койууда. Ошондой эле, Абадий дагы Ирак жеринде жайнап жүргөн башка

толгон-токой мамлекеттердин куралдуу күчтөрүн эмес, бир гана Түрк куралдуу күчтөрүн чыгарып кетүүсүн  талап кылып, шиаларга жакшы көрүнүүдө. Бул эки иш тең суннийлер менен шиалар ортосундагы жараканы дагы тереңдетип, Американын Иракты бөлүп жиберүү максатын ишке ашыруу үчүн кылынууда. Түркия менен Ирак өмөтүнүн ортосундагы кайым айтышуунун улануусу же токтоосунун айырмасы жок,булар бир гана Америка планын ишке ашыруу үчүн болгон иштер. Ирак өкмөтү азыр эле Түркия күчтөрүн чыгарып кетүүнү талап кылып калган жок. Өткөн жылдын аягында да талап кылган. Бул маселе боюнча Араб Лигасы жыйынга чогулган жана Ирак өкмөтүнүн бул демилгесин колдоого алып, Түркия күчтөрүн чыгырып кетүүгө токтом кабыл алыш үчүн бул маселени Коопсуздук Кеңешине чейин көтөргөн. Бирок бул жел аргы сымал, эч кандай күчкө ээ болбостон, токтоп калган. Мына ушундайча Түркия күчтөрүнүн Иракта калышы Американын «федерация»  максатын ишке ашыруу үчүн гана. Бул иш жашыруун деле эмес. Эрдоган түндүк аймагы сыяктуу Мосулду да өзүнчө аймак кылуу талабын билдирген. Күрдистандын өзүнчө аймак болушуна макул болуп, ал эми Мосулдун өзүнчө аймак болушуна каршы чыгып жаткандарды Эрдоган айыптаган эле. Эрдоган Мосулга байланыштуу Beştepe ге берген маегинде: «Алар, Ирактын түндүгүндө өзүнчө аймак болушуна «макул» деп добуш бергендер, ошондой эле маселе болгон Мосулдун өзүнчө аймак болушуна «макул» деп добуш бербегендер» деген.

5. Ал эми Мосулга болгон чабуул азыр башталганына жана Американын мурда берген билдирүүлөрүнө тескери иш кылуусуна келсек, ал төмөндөгүндөй:

Америка ИГИЛди Мосулдан чыгарып, аны  менен согуша турган убакыт келе элек деп билген. Обама бул ишти өзүнүн мөөнөтүндө бүткөрүүгө шашкан эмес. Балким кээ бир Америкалык жооптуулар бул иш көптөгөн жылдарды талап кылат деп билдирүү беришкен. Бирок кээ бир иштер болуп кетип, Обама бул ишти аягына чыгарууга шашты. Обама өзүнүн

мөөнөтүн жаман абалда эмес, кийин эсте кала тургандай бир ийгилик менен аякташына ынтызар болду. Ал бул ийгиликти Сирияда Ирандын жикчилдеринин жардамы  жана орустардын үстөккө-босток бамбалоого алуусу менен кылмакчы болду. Бирок көрүнүп тургандай, Сирия элинин каармандыгы,бекемдиги Обаманын бул каалосу ишке ашышына жолтоо болду. Айрыкча, Халаб шаарынын каармандыгы. Анан ал Иракка карады. Мосулда бир ийгиликке жетем деп үмүт артты! Шашылыш түрдө Мосулду карай бет алды, артындагы Хавиджа сыяктуу буктурманы да карбастан Мосулга шашты.  The Wall Street  журналы: «Ирак күчтөрү ИГИЛ көзөмөлдөп турган Киркук провинциясында жайгашкан Хавиджа сыяктуу буктурмага карабастан, Мосулду карай бет алды. Бул иш Ирактын бөлөк аймактарына ИГИЛдин сокуу берүү мүмкүнчүлүгүн жаратат». Журналдын докладында: Ирак куралдуу күчтөрүнүн жетекчилери зарыл болгон Багдад менен экинчи чоң шаар Мосулдун ортосунда жайгашкан Хавиджаны кайтарып албастан, Мосулга бет алышты. Киркуктагы шиа командирлерини бири Maitham ал-Zaidi «Хавиджа Ирактын түндүк тарабынан бычак» дагы айтты: өкмөт  эл аралык мамлекетердин кысымы менен Хавиджадан мурда Мосулду кайтарып алуу согушун баштап шашылып жатат, - делет. (Аль-жазиира 2016-жыл, 28-октябрь)

Мына ушундайча 2016-жылы 17-октябрда Мосулду кайтарып алуу согушу башталды. Бул аскерий иш чарага 140 миң Ирак аскери, Пешмерга күчтөрү, улуттук жана кландык күчтөр катышууда. Американын коргоо министринин пресс катчысы Питер Кук: «Вашингтон жетектеген эл аралык коалиция күчтөрү Мосулду кайтарып алууда Ирак жана Пешмерга күчтөрүнө толук түрдө жардам берип колдоо көргөзөт», -деди. Жана дагы мындай деди: «Мосулду кайтарып алуу согушунда Америка күчтөрү арткы сызыкта болот жана Ирак, Пешмерга күчтөрүнө материалдык-техникалык жардамдарды көргөзүп турат». (Рейтерс 2016-жыл, 17-октябрь). Америка сентябр айында Абадийдин талабы артынан эле Ирактагы аскерлерин 4400гө чейин

көбөйтөрүн жар салган. Согуш Америкадагы шайлоо кампаниясы учурунда да, кийин да уланат. Обаманын өз мөөнөтүн ийгилик менен аякташы жана Америка тарыхындагы демократтар үчүн ийгилик менен жазылып калуусу Обама үчүн зарыл. Бирок, Мосулду кайтарып алууга болгон согуш ички чыр-чатактардын көптүгү жана Түркия-Иран күчтөрүнүн талаш-тартыштары себептүү жеңил болбойт. Бул чатактар Мосулду кайтарып алуу согушун кечеңдетет. Бирок, бул чыр-чатактарга таасир бере турган фактор бар, ал – Америка.Ошондуктан, бул чыр-чатактар согушту узакка кечеңдетпейт. Балким, Америка саясаты талап кылган чекке чейин гана...

6. Америка Европага да роль берди, бирок өз алдынча эмес. Аларга коалициянын бир бөлүгү катары этибар берди. Айрыкча, Франция менен Британияга карата. Алар коалицияда Америка саясатынын жетекчилигинде иш алып барышат. Америка муну алар бул согуштан узакта калгандыгы себептүү Американын (Иракты федерацияга бөлүү) максаттарына тоскоолдук жаратпашы үчүн кылды. Адаттагыдай эле, Франция ИГИЛдин Франциядагы чабуулдарын бетке кармап, өзүн көргөзүп калууга аракет жасады. Парижде 2016-жылы 20 –октябрда «Мосул шаарынын келечектеги саясаты» аттуу конференция уюштурду. Ага жыйырмадан ашык мамлекеттердин ТИМдерин жана жарандарды коргоо уюмдарын чакырды. Акыркы конференцияга 2016-жылы 25-октябрда ИГИЛге каршы коалициядагы мамлекеттердин коргоо министирлерин чакырды. Бул жоолугушуунун артынан эле Америка коргоо министири Эштон Картер Америка коалицияны жетектээрине этибар каратып, мындай деди: «Талкуулар ИГИЛдин Ракка шаарын көзөмөлдөөсүн биротоло бүтүрүү алкагында болду. Коалициянын планды кандайча тез арада ишке ашырышы жана каолицияга кирген өлкөлөрдү ИГИЛдин чабуулдарынан кантип коргоо керектиги толук чечилди». (аль-Жазира 2016жыл, 26-октябрь) Бул билдирүүдөгү «коалицияга кирген өлкөлөрдү ИГИЛдин чабуулунан коргоо» дегени – Америка каолицияны жетектейт дегенге толук ишара.

7. Ал эми ИГИЛ Мосулдан куулушу менен анын күнү бүтөбү дегенге келсек, мындай болушу күтүлбөйт. ИГИЛ ит урушуна өтөт. Шаардын сыртынан, бул же тиги жерден чабуул кыла берет. Рамадиден чыгарылды, бирок анын чет жакаларында кала берди. Ошол сыяктуу эле,Мосулдан чыгарылганы менен, 2014-жылдан мурункудай жана азыркыдай эле, иш жүзүндө анын чет жакаларында жүрө берет. Шаардын чет жакаларында, айылдарда, тоолуу аймактарда жана түздүктөрдө куралдуу чабуулдарды уюштура берет. ИГИЛде саясий аң-сезим болбогондуктан, өзүнө ылайык көргөн иштерди улантат берет жана колонизатор каапыр мамлекетер аны куурчак катары пайдалана берет. Эгер ал муну түшүнүп жетпесе...

8. Ал эми Американын Иракты үч федерацияга бөлүп жиберүү планынан кайтары күтүлбөйт. Балким, ал Иракка байланыштуу мамлекетик саясат болуп калат. 2006-жылы Конгресс Иракты үч федерацияга (күрд, сунний, шиа) бөлүү долбоорунун токтомун кабыл алган. Бирок, токтомго мамлекет башчы зарылдык катары этибар берген эмес. Буш «кырдаал бул токтомду аткарууга жооп бербейт» деп билдирүү берген. 2009-жылы Обаманын орун басары болгон сенатор Жозеф Байден бул долбоорду алга сүрдү. Байден долбоордун аткаруу иштерин бейрасмий жол менен алга сүрүп, Ирак «дело»сун Обамага берди. Америка Ирак долбоорун ушул негизде түздү. Учурдагы жана келечектеги иш-чаралар ушул долбоорду ишке ашырууга карай бет алат. Мосулду кайтарып алуунун артынан эле, бул аймакты сунний деген этибар менен, башкаруу иштерин ушул негизде калыптандырат. Бирок бул аймак өтө кыйынчылыкты туудурат, лекин, шиа аймактары өтө кыйынчылык туудурбайт. Бирок ошого карабастан, бул долбоорду ишке ашыруу арзанга турбайт. Иракта Аллах үчүн калыс жана Расулуллоо с.а.в. үчүн садыкадамдар бар. Алар өз өлкөсү бөлүнүп кетишине жол бербейт. Алар улуу Аллахтын жардамы менен бул долбоордун ишке ашпашына бекем турушат.

9. Корутундулап айтканда, эй Ирак эли, биз силерге мурда кайрылганыбыздай эле, азыр да кайрылабыз. Ислам силерди кылымдар бою бириктирип келди. Анын туусу алдында узак кылымдар күн кечирдиңер. Аны менен улуу, бийик болдуңар, аны менен жакшылыктарды бөлүштүңөр. Жамандыкка каршы анын менен бирге күрөштүңөр. Силердин жериңер баатырлардын жери. Кодисия, Бувайб, Хаарун, Муьтасим, Салахидин жана башка фатхчылардын жери. Албетте, Ирак өз эли менен, бирдиктүү болсо күчтүү болот. Чачыранды болсо күчсүз болот. Эгер күрддөр өз алдынча болуу менен улуулукка жетебиз деп ойлошсо, бул эч канчалык алыска барбайт, бир аздан кийин ал өздөрүнүн башына түшкөн каран күн болот. Суннийлер Ирактын түндүгү жана батышы өздөрү үчүн аймак болуп бир федерация болушу аларга бакубат жошоо алып келет деп ойлошсо, алар үчүн бул аларга көпкө узабайт. Бир аз убакыттан кийин өздөрүнө кайткан бактысыздык болот. Эгер шиалар Ирактын түштүгү алар үчүн өзүнчө федерация аймагы болушу аларга күчтүүлүктү алып келет деп ойлошсо, бул аларга көпкө барбайт. Бир аздан соң бул да аларга кордук болуп кайтат.

Эй Рофиид элдери, тайпачлык-мазхабчылыкты ыргытып салгыла

«دَعُوهَا فَإِنَّهَا مُنْتِنَةٌ»

**«Аны таштагыла, ал сасык».** Бул хадисти Бухари Жаабир дан риваят кылган… Мазхабчылык, тайпачылык аталыштарын таштагыла, Аллах атаган ысымдарды бекем кармагыла.

﴿هُوَ سَمَّاكُمُ الْمُسْلِمِينَ﴾

***«Ал силерди мусулман деп атады»*** [22:78]

Ага кайткыла жана Анын арканын бекем кармагыла. Аны менен гана улуулукка жетишесиңер. Эгер антпесеңер, силерге бардык тараптан кордук жетет.

﴿إِنَّ فِي ذَلِكَ لَذِكْرَى لِمَنْ كَانَ لَهُ قَلْبٌ أَوْ أَلْقَى السَّمْعَ وَهُوَ شَهِيدٌ﴾

***«Бул – кимде сезе турган жүрөк,угатурган кулак болсо – эскертме»*** [50:37]

**29-мухаррам, 1438-х.**

**30-октябрб, 2016-м.**

## Күрдстан аймагын өз алдынча мамлекет кылуу боюнча референдум өткөрүүнүн артында эмне турат?

**Суроо:** *Барзани Күрдстанды бөлүү тууралуу референдум өткөрүүгө аймактык жана эл аралык мамлекеттердин маакулдугу жок болгондугуна карабастан референдум өткөрүүгө эмне үчүн көшөрүп жатат? Азыркы кырдаалда референдум өткөрүү күрддөрдүн өздөрү үчүн зыяндуу эмеспи? Эгер референдум өткөрүлүп ага көпчүлүгү макул деп добуш берсе аймакта Күрдстан өз алдынча мамлекети пайда болуу мүмкүнчүлүгү барбы? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.*

**Жооп:** Эгер аким өз өлкөсүнүн кызыкчылыгына каршы иш тутса , анда ал малай деген сөз бар. Барзанинин бул токтомду кабыл алышына сырткы мамлекет өз кызыкчылыгы үчүн түздөн-түз таасир бергендиги ачык көрүнүп турат. Анын баяны төмөнкүдөй:

1 – Аң-сезимдүү кандай гана саясатчы болбосун азыркы кырдаалда күрддөр үчүн өзүнчө мамлекет куруу өтө татаал иш экендигин аңдап билет. Жада калса, азыркы эл аралык кырдаалда Күрдстан мамлкетин түзүүгө аракет кылуу күрддөрдүн өздөрүнө зыян жеткирет. Саясий жактан зыян гана эмес, материалдык жактан зыян жеткирүүсү турган иш. Маселе Ирак аймагында Күрдстан мамлекетин тикелөө эле эмес, эгер иш ушундай болгондо бул ишти жүзөгө чыгаруу мурдатан эле колго алынмак. Америка Иракты басып алган күндөн баштап анда тикелеген режими – Бремер баш мыйзамы аталышы менен белгилүү болгон түзүм. Ирактагы тикеленген бул түзүм борборго байланышып-байланышпаган федералдык негиздеги түзүм болуп саналат. Ирактагы бул федералдык түзүмдө Күрдстан башкаруу, тескөө жаатында борбордук бийлик Багдадга караганда күчтүү ыйгарым укуктарга ээ болуп калган!

Баскынчы каапыр мамлекеттер басып алган мусулман өлкөлөрүн бөлүп жиберүү үрөөнүн кошо ала жүрөт. Алар бул үрөөнүн себүүдө ыңгайлуу учурду гана күтүп турушат. Ушунун баары алардын Ислам жана мусулмандарга болгон кек душмандыгы себебтүү... Биз бул маселе боюнча 2014-жылы 12-августтагы суроо-Жоопто да айтып өткөнбүз. Анда мындай келген: «Америка 2003-жылы Иракты басып алгандан бери Иракты бөлүп жиберүү аракетин алып барууда. Бремер баш мыйзамы да мазхабчылык, тайпачылык негизинде иштелип чыккан. Ал баш мыйзамда республика президенти, парламент спикери жана өкмөт башы болуп бийлик бөлүштүрүлүүсү каралган. Анткени өкмөт башы аткаруу бийлигине ээ. Себеби Бремер бийликтин бул ыйгарым укуктарын бөлүштүрүүдө тараптар бири-бирине карата интрига кылууга түртө турган мазхабчылык, тайпачылык негизде иштеп чыккан... Бул баш мыйзамдын өзүндө федералдык аймактарга бөлүп башкаруу жана күчтүү аймактык ыйгарым укуктар да каралган. Ошондуктан Америка Иракты аймактарга бөлүп жиберүү кырдаалын жаратууда ийгилике жетишти» (цитата бүттү). БУУга мүчө болуу, өз элчиликтеринин болуусу, же ушул сыяктуу расмий көрүнүштөрү жок болсо дагы белгилүү бир аймакка ээ болуу амалий жактан мамлекет катары болуп саналат. Ал эми Күрдстан аймагынын амалий жагы болсо ал Ирак мамлекетинин ичиндеги борбордук бийликтен бөлүнүп калган мамлекет болуп саналат. Ирак бирдиктүү бир мамлекет көрүнүшүнөн ажырап калды!

Ошондуктан амалий жактан Күрдстан аймагы Ирактын ичинде ага өзүнчө мамлекет болуусуна муктаж эмес. Жогоруда айтып өткөнүбүздөй бул жердеги маселе Ирактын ичинде сырткы Күрдстан аймактары менен алакасы жок өзүнчө Күрдстан мамлекетин тикелөө эмес. Маселе андай эмес. Балким күрддөр үчүн кандай гана мамлекет тикелинип берилбесин, ал аймакта Күрдстан аймагына гана чектелип калбаган күрддөрдүн чоң толкунун пайда кылат. Ошондуктан мунун кесепти үлкөн болот.

Айрыкча Американын Түркия, Иран жана Сириядагы малайлары үчүн. Ошондуктан кандай гана саясатчы болбосун азыркы эл аралык жана жергиликтүү кырдаалда күрддөр үчүн Түркияда болсун, же Иракта болсун, же Сирияда болсун, айырмасыз, мамлекет тикелеп берүү өтө опурталдуу экендигин айдан ачык билет. Мен күрд саясатчылары, алардын ичиндеги Барзани бул нерсени түшүнө албай жатат дебейм, балким, жогоруда айтып өткөнүбүздөй азыркы кырдаалда күрд мамлекетин тикелөө пикирин көтөрүү аркылуу аймакта иштерди чаташтыруу менен айрыкча Күрдстан аймагында көзөмөлдөн чыгып кете турган кыймылдарды пайда кылууга каратылышы мүмкүн. Жогоруда айтылып өткөндөй, бул нерсе күрддөрдүн өздөрүнө саясий жактан гана эмес, материалдык жактан да чоң жоготууларды алып келет. Ушуга негизделип Барзанийдин бул токтому азыркы кырдаалда өз өлкөсүнө карата кыянаттык болуп саналат. Бул болсо акимдин өз өлкөсүнө каршы иш тутуусу жактан болду.

2 – Ал эми, Барзанийдин мындай токтомду кабыл алышынын артында кайсы мамлекет турду деген суроого келсек, Барзанийдин бул токтому ошол мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн болгон. Буга далаалат кылган нерселер айдан ачык эле. Ал кайсы мамлекет экендигин да сөөмөй менен көргөзүп койуу да оорчулук жаратпайт. Барзани Ирактан бөлүнүү тууралуу референдум өткөрүүнү өз алдынча жарыялоосу мүмкүн эмес. Анткени ал аймактагы Америка малайларынын чок ортосунда. Барзани аймактагы эл аралык жана жергиликтүү Америка малайларына каршы бетме-бет келүүгө кудурети жетпейт. Бирок, Барзанинин мындай токтомду кабыл алышына шыкак берип турган башка чоң мамлекет бар. Күрдстан аймагы аймактагы Америка малай күчтөрүнө каршы турууга өтө эле алсыздык кылат, айрыкча Америка Иракты толук көзөмөлгө алып турганда. Жогоруда айтылгандай эле Барзанийдин бул токтомду кабыл алышынын артында Британия турганын идирек кылуу кыйынчылык жаратпайт.

Барзанийдин ата теги Усманий мамлекеттин акыркы мезгилинен бери эле Британия менен байланышып келген. Барзаний бул байланышты атасы Мустафа Мула Барзанийден, андан мурда агасы Ахмад Барзанийден, андан мурунку Абду Салам Барзанийден (ал 1909-1914-жылдары Британия жардамы менен Усманий мамлекетке каршы күрд куралдуу козголоңун жетекетеген) мына ушул байланышты мурас кылып алган. Барзанийдин ата теги Британия менен өтө тыгыз байланган... Эгер биз референдум өткөрүү позициясын карай турган болсок, Британиянын позициясы (анын адатынча алдоо ыкмасы менен болсо да) референдум өткөрүү чечимин колдоп жатканын көрүүгө болот.

Мисалы: Барзани 2017-жылы 24-августта Иракта Британия аны колдоого алып жаткандыгын көрсөтүү үчүн Британиянын элчиси Фрэнк Бейкер менен жоолукту. Күрд гезетасы «Roudao» 2017-жылы 24-августта бул жоолугушуу тууралуу басып чыкты: «Барзанийдин Британия элчиси менен жоолугушуусунда Британия элчиси Британия Күрдстан элинин укуктарын түшүнөөрүн билдирди. Ошондой эле Барзаниге референдум өткөрүү тууралуу Британиянын позициясын да маалымдады». Дипломатиялык тил менен айтканда «укуктарын түшүнүү» колдоо маанисин түшүндүрөт. Ошондой эле позициясын маалымдоо да аны колдоого алгандыгын түшүндүрөт. Башкача айтканда Британиянын позициясы Барзанийдин референдум өткөрүү чечимин колдойт. Ал тургай, колдоого гана албастан, аймактагы Америка малай мамлекеттеринин каршылыгына карабастан аны өткөрүүнү да талап кылат.

Дагы бир мисал: «Күрдстандын тышкы алакалары боюнча жоопту адам Фалаах Мустафа «24-Күрдстан» кабар агентигине берген маалыматында: «Британия референдум өткөрүүгө жана күрд умтулууларына каршы эмес» деди. Мустафа бул сөзүн Британиянын Ортоңку Чыгыш жана Түндүк Африка иштери боюнча жоопту министри Алистер Берт күрд жооптуулары менен Эрбилде жоолугушуу өткөргөндөн кийин айтты. Британиянын Ортоңку

Чыгыш жана Түндүк Африка иштери боюнча жооптуу министри Алистер Берт экинчи күнү күрд жооптуулары менен көптөгөн документтерди талкууга алуу үчүн Эрбилге келди. Күрддөр Ирактан бөлүнүп өз алдынча мамлекет болуу үчүн 25-сентябрда референдум өткөрүүгө умтулуп жатышат...» («Күрдстан-24», Эрбил, 2017-жыл 5-сентябрь).

**Мына ушундайча Барзанинин референдум өткөрүү тууралуу токтомунун артында Британия турат...**

3 – Ал эми Британия референдум өткөрүү токтомунун артынан кандай кызыкчылыкка жете турганына келсек, ал чынжырчаланып кетет. Трам шайлоодо жеңишке жетишкенден кийин Британия өкмөт башы Мей Трампты куттуктоо үчүн 2017-жылы 26-январда Вашингтонго эртелеп жетип баруусу... Ошол эле маалда Трамп жана Мей бири-бирин мактоого алуусу... Бирок экөөнүн тең максаттары ар башка болду. Трамп болсо ЕБди убакытты созбостон чачыратып жиберүү үчүн Британиядан болгон күч аракетин жумшоосун каалады.

Ошол эле учурда ЕБди чачыратып жиберүү кырдаалын пайда кылуу үчүн Британия болгон күч аракетин жумшашын да көздөдү. Айрыкча Франция менен Нидерланды шайлоо босогосунда турганда... Ал эми Мей болсо ЕБден чыгып кетүүдө өзгөчөлүктөргө ээ болуп калуу жана ЕБдин мамлекеттерине кысым кылууда пайдаланыш үчүн Трамп менен соода келишимин түзүүнү каалады. Трамп менен Мей жоолугушуу алкагында ар бири өз максаттарын жүзөөгө ашырууга умтулушту. Мей англистердин адатынча айла-амалдар менен максатын жашырууга аракет кылды. Бирок Трамтын дипломатиясынын тайкылыгынан Мейдин максаттарын ачыка чыгарып салды.

Мына ушундайча Франция менен Нидерландда ЕБди колдогондор жеңишке жетишти, буга кошумча Германияда да адамдар ЕБди катуу колдоого алып ага өзгөчө көңүл бөлдү. Трамп Британиянын Америка менен түзгөн соода келишими Трамп каалгандай ЕБди чачыратып жеберүүгө

Британияны анча көңүл бурдурбагандыгын түшүндү. Ушуну баары Трампты буулуктурду. Британияны Катарды «блокада кылуу» аркылуу сокту! Бул тууралуу 2017-жылы 23-июлда чыккан суроо-жоопто да айтып өткөнбүз. Анда мындай келген: «Ал эми Британия, Бритиниянын өкмөт башы Тереза Мей 2017-жылы 26-январда Вашингтонго иш сапары менен эртелеп барды. Анын максаты ЕБдин калган мамлекеттерин да ЕБден чыгууга шыкак берүү үчүн Америка менен соодо келишимин түзүү болду. Британия ушундай көрүнүштө Америка менен жылуу алакага өтө баштады. Ал Трамптын админстрациясын көп жолу мактоого алды. Бирок Франция менен Нидерландда ЕБди колдогондор жеңишке жетишип Американын ЕБди чачыратуу каалосу жемириле баштаганда Трамп Британияга көзүнүн кыйыгы менен карай баштады.

Анткени Трамп Британияны ЕБди чачыратуу жолун жетектөөсүн каалаган. Лондон Brexit Парижде, Амстердамда кайталанбагандыгын көргөндөн кийин Америка Британияны шок кыла турган эл аралык майданда анын кызыкчылыктарына сокку бере баштады. Америка Ливияда Британия кызыкчылыгына көңүл бурбастан малайы Сиси Хафтарды колдоого алууну күчтөөсүн талап кылды. Америка Араб өлкөлөрү арасында Британия үчүн найзанын учу ролун ойноп берген Катарды аймактагы араб өлкөлөрү аркылуу бойкотко алуу менен Британияны шок кыла турган сокку урду...» (цитата бүттү). Жогорудагылардын баардыгы Трамтын шабайын суутту жана ал Саудияга тез арада иш сапары менен барып ал жакта саммит уюштурду. Кийин саммитте жетишилген чечим алкагында, Британияга найза учу ролун ойной турган Катарды аймактагы араб өлкөлөрү аркылуу камалooого алдыруу менен Бртиниянын эл аралык кызыкчылыгына сокку урду.

4 – Ошондуктан Британия аймакта Американын кызыкчылыгына каршы ташбиш жарата турган бирээр бир иш кылуусу зарыл болуп калды. Ошол себебтен Америка жана анын малайларын кыжырын келтире турган референдум өткөрүүгө Барзани чакыра баштады. Ошол эле маалда Британия

аймакта Америка кызыкчылыгына каршы күчтүү деле ташбиш жарата албайт. Анын Америкага ачыктан ачык каршы чыгууга кудурети жетпейт. Болгону Американын кыжырына тийүүгө гана кудурети жетет. Айрыкча Күрдстанда референдум өткөрүү деген сыяктуу ыңгайлуу учурда гана. Британия Барзани белгилүү чекте гана иш аракет кылуусуна ынтызар. Анткени аймактагы азыркы кырдаал куралдуу кагылышуулардын кесепетинен Америка үчүн кайнап турган маалы, ошондой эле анын малайлары Түркия, Иран, Сирия үчүн дагы... Ушул себебтен Барзани референдум өткөрүүгө көшөрүп жатат. Британия референдум Күрдстан аймагында күрддөрдүн өз алдынча мамлекетин тикелеп берет деп ишендирип койгон. Британия адатынча айла-амал, алдоо менен алек, анткени ал өзүнүн кызыкчылыгына карата күрддөрдүн кызыкчылыгын бир тыйынга да теңебейт. Британия өз тарыхында күрддөргө бул сыяктуу мамиле кылгандыгы толтура! 2009-жылы 1-апрелде чыккан суроо-Жоопто мындай деген элек: «1919-жылы Британия Махмуд Хафидке эгер Сулайманиядагы Усман протекторатына чабуул койсо, анын айырбашына Күрд мамлекетин текелеп берүүнү убада кылган. Алар ага чабуул койушуп диндеш туугандары Усманийлердин бир бөлүгүн өлтүрүп, бир бөлүгүн кууп чыгышкан. Кийин Британия убадасын аткарбай койду. Текерисинче, Махмуд Хафидди колониясы Индияга кууп жиберди. Ошондой эле Британия 1920-жылы Халифа Махмуд Вахиддиндин кыжырын келтирүү максатында Усманий мамлекет менен болгон Sèvres келишимин аткарылуусуна катуу турду. Ал келишимде Күрд мамлекетин тикелелөө пункту бар болчу. Анткени сүйлөшүү делегатын Халифа Вахиддин жетектеп барган. Британия Халифалыкты кулатып Мустафа Камалды республика президенти кылып дайындагандан кийин, 1924-жылы Лозаннада Мустафа Камал менен келишим кылды. Британия келишимде Күрд мамлекетин тикелөөнү четке какты. Анткени анын максаты ишке ашкан болчу. Анын максаты

Халифалыкты кулатуу эле. Ошондуктан Күрд мамлекетин тикелөө сыяктуу иштерге таянуудан баш тарты.

Британия аймакта күрддөрдүн улутчулдук сезимдерин козгоо аркылуу аларды Исламий мамлекетке каршы тукуруп козголоң кылууларын максат кылган. Качан ал өз максатына жеткенден кийин аким жана жетекчи деп дайындаган малайларынын үстүнөн шылдыңдап, күлүп аларга кудум кулдары сыяктуу мамиле кылат...» (цитата бүттү). Мына ушундайча Британия адатынча дайыма алдоо жана айла-амал иштетүүнүн үстүндө жүрөт...

5 – Мына ушундайча Барзани Күрд мамлекетин тикелөө максатында 2017-жылы 25-сентябрда референдум өткөрүүгө көшөрө баштады! Ал референдум өткөрүүгө каршы болгон аймактык эл аралык позицияга көңүл бурбады. Ал тургай референдумга каршы болгон кээ бир күрд жетекчилерине да этибар бербеди. Тескерисинче, ал мындай деп билдирүү бере баштады: «Күрдстан аймагы Эрбилди мындай кадамдан кайтарууга болгон аймактык жана эл аралык аракеттерге карабастан – ушул жылдын 25-сентябрына белгиленген Ирактан бөлүнүү үчүн өткөрүлө турган референдумдун убактысын жылдыруу же аны өткөрбөй койуу жана Ирактын борбордук бийлиги референдумду жана анын натыйжасын моюнга албастыгын, четке каккан чечимин шаршембиде кайрадан жаңылап чыгарды».

Күрдстандын жогорку палатасы Масъуд Барзанийдин жетекчилиги менен референдум боюнча Күрд делегатынын жакынкы аралыкта Багдадка барганынын натыйжасы тууралуу талкуу өткөрдү. Ошондой эле мурда күнкү Барзанийдин Матис менен жоолугушуусунун жыйынтыктары тууралуу дагы. Барзанийдин кеңешчиси мындай деди: «Бул жерде президент Масъуд Барзанийдин рефендум 2017-жылы 25-сентябрга белгиленген күнүнөн бир мүнөт да кечиктирилбеши тууралуу тастыгы бар». («Арабия нет», Дубай, 2017-жыл 24-август).

Бул дегени аймактык жана эл аралык позиция референдумга каршы экендигин ачыктан-ачык билип туруп кылынып жаткан иш экендигин түшүндүрөт:

а) Барзани 2017-жылы 7-июнда Ирак аймагында өз алдынча Күрд мамлекетин тикелөө тууралуу 25-сентябрда референдум өткөрөрүн жарыялагандан бери Америка буга каршылыгын билдирген. Америка буга каршы Америка мамбашынын эл аралык коалициядагы өкүлү Берт МакГак аркылуу жооп берди. «Азыркы кырдаалда референдум өткөрүү туруксуздуктарды келтирип чыгарат. Биз 25-сентябрда референдум өткөрүү зарыл деп билбейбиз. Анткени мындай тез арадагы тартипте референдум өткөрүү айрыкча талаштуу аймактарда көңүл бурарлык туруксуздуктарды келтирип чыгарат». («AFP», 2017-жыл 8-июнь)

Жакында эле Америка тышкы иштер министри Рекс Тиллерсон 2017-жылы 11-августтагы Күрдстан мамбашы Масъуд Барзаний менен телефон аркылуу сүйлөшүүсүндө Вашингтон референдумдун мөөнөтүн жылдырууга, Багдад менен сүйлөшүүлөрдү өткөрүүгө кызыктар экендигин билдирди... Америка коргоо министири Жейм Матисти 2017-жылы 22-августта Ирак өкмөт башы Ал Абади менен жоолугушуу үчүн, кийин Эрбилге барып Барзани менен жоолугушу үчүн, андан кийин Түркия бул аймактагы активдүү колун иштетиши үчүн Анкарага барышы максатында Багдадга жиберди...

б) Ошондой эле аймактагы Америкага малай мамлекеттер да референдумга каршылыктарын билдирди... Ирак өкмөт башынын пресс-секретары Саада аль-Хадити мындай деди: «Иракта кандай гана позиция же кадам болбосун, башмыйзамдын негизинде гана болушу шарт... Ирактын келечегине байланыштуу кандай гана чечим болбосун ал анын баш мыйзамында каралган. Ал толук түрдөгү суверенедүү демократиялык федералдык мамлекет. Кандай токтом болбосун баш мыйзамдын алкагында

болуусу зарыл... Кайсы бир тарап Ирактын башка бир тарабын бөлүү тагдырын белгилей албайт». («ал хуроту Америка», 2017-жыл 9-июнь).

Түркия референдум өткөрүү тууралуу жарыя чыккан күндөн баштап ага каршылыгын билдирди. Түркиянын ТИМи Күрдстан аймагынын референдум өткөрүү тууралуу жарыясы чыккан күнү эле ага каршы билдирүүсүн чыгарды: «Бул токтом барып турган чоң катачылык, анткени ал Ирактын бүтүндүгүнө жана тынчтыгына доо кетирет». («ал хуроту Америка», 2017-жыл 9-июнь). Эрдоган Жейм Матис менен жоолугушкандан кийин мындай билдирүү берди: «Референдум өткөрүү чечими ката чечим». («Жазиира», 2017-жыл 17-август).

Ошондой эле Иран референдум өткөрүү жарыялангандан бир аз кийин 2017-жылы 11-июнда өз позициясын билдирди, Ирактагы Күрдстан аймагында 25-сентябрда референдум өткөрүү планына караманча каршы экендигин, жана Тегеран Ирактын бир бүтүндүгүн гана колдой тургандыгын билдирген.

Ирандын ТИМинин пресс-секретары Бахром Косимий мындай деди: «Улуттук жана мыйзам ченеминен ыраак өз алдынча токтомдор Ирак коопсуздугуна көбүрөөк залал келтирет». (2017-жыл 15-июнь, «afkarhura.com»). «afkarhura.com» сайты 2017-жылы 7-августта Иран шура межлисинин төрагасынын билдирүүсүн таратты. Андай мындай делет: «Иран шура межлисинин эл аралык иштер боюнча өкүлү Амиир Абдул Лахян Ирактын Күрдстан аймагында референдум өткөрүү жаңы кризисти келтирип чыгарат деди...».

Андан тышкары Күрдстан аймагында Америка малайлары бар Горан (өзгөрүү) Күрд кыймылы, Улуттук биримдик партиясы, Талабааний партиясы. Горан Барзанинин референдум өткөрүү чечимине каршы турду. Горан кыймылынын Күрдстан парламентиндеги мүчөсү Саид Хошьяр Абдулла мындай деди: «Өзгөрүү кыймылы өз пикиринде эле калды. Анткени референдум өткөрүү убактысы ката белгиленген. Бул күн тартибиндеги

маселе Барзанин жеке жана партиялык маселеси гана». Ал дагы тастыктап: «Күрдстан демократиялык партиясы оюнчу эмес, пешка» деди. («Elaf», 2017-жыл 5-август). Ошондой эле Талабани партиясынын мүчөсү референдумду четке кагып мындай деди: «Бийлик күрсүсү күрддөрдүн добушуна жана ийиндерине келди. Ал алардын бир тамчы канына да, курбанчылыктарына да тең келбейт. Алар кыялдарындагы өз мамлекетин тикелөөгө зыян жеткириште «Маъсумга» жол беришпейт. Алар референдум күнү ага (маъсумга) каршы жооп беришет». Күрдстан демократиялык партиясынын баянатында, Маъсумдун билдирүүсүнө каршы билдирүү берди: «Бул референдум өткөрүүгө тоскоолдук кылып жаткан дүйнө мамлекеттерине болгон өтө жаман коркунучтуу кабар». («Elaf», 2017-жыл 5-август).

Ушундай көрүнүштөгү аймактык жана эл аралык каршылыктарга карабастан Барзани референду өткөрүүгө көшөрдү. Балким референдумду бир мүнөткө да кечиктирбеши тууралуу билдирүү бере баштады. Ушунун баары биз жогоруда баяндап өткөнүбүздөй референдум өткөрүү маселеси боюнча Барзаниге Британиянын берген түрткүсү аркылуу болду.

6 – Эми референдум маселесине жана ага таасир бере турган тараптарды карап чыкканыбыздан кийин... ушуга негизделип бул маселеге карата күтүлүп жаткан басымдуу көз карашыбызды баяндайбыз:

а) Баардык абалдарды эске алганда мамлекеттер моюнга ала турган өз алдынча Күрд мамлекетин тикелөө күтүлө турган нерсе эмес. Анткени, Американын Ирак боюнча долбоору Ирак аймактарга бөлүнгөн жана аймактар менен борбордун байланышы алсыз абалда болгон федерациялык мамлекет болуусун көздөйт. Ал расмий тараптан алганда Ирак федералдык мамлекети болуп кала берет... Мына ушул 2003-жылдан Америка Иракты басып алгандан берки Ирак боюнча долбоору болуп саналат. Башкача айтканда Иракта бөлүү үрөнүн сээп, бирок аны расмий түрдө жарыялабастан ыңгайлуу учурда жарыялоону пландаган. Американын Ирактагы акими Бремер Ирактын баш мыйзамын аймак аймактарга бөлө турган федералдык

негизде иштеп чыккан. Тактап айтканда бир бүтүн, күчтүү борборлошкон бийлик негизизинде эмес, чачыранды негизде иштелип чыккан. Анын ордуна бийликтер бөлүшүлгөн борбордук бийликке баш ийип-ийбеген федералдык мамлекет негизинде түзүлгөн. Иракта борбордук бийликке караганда аймактагы бийликтердин ыйгарым укуктары күчтүү! Башкача айтканда ылайыктуу учур келгенде Иракты бөлүп жиберүү жана Ирак расмий түрдө мамлекетчелерге бөлүнүп кетиши Америкага жеңил болушу үчүн ушундай кылынган. Ал эми, азыркы учурдагы Американын Ирак боюнча долбоору Ирак борбордук бийликке баш ийип-ийбеген федералдык мамлекет бойдон калуусу зарыл...

2014-жылы 12-августтагы суроо-жоопто мындай деген элек: «Америка 2003-жылы Иракты басып алгандан бери Иракты бөлүп жиберүү аракети үстүндө. Бремер баш мыйзамы да мазхабчылык, тайпачылык негизинде иштелип чыккан. Ал баш мыйзамда республика президенти, парламент спикери жана өкмөт башы болуп бийлик бөлүштүрүлүүсү каралган. Анткени өкмөт башы аткаруу бийлигине ээ. Анткени Бремер бийликтин бул ыйгарым укуктарын бөлүштүрүүдө тараптар бири-бирине карата интрига кылууга түртө турган мазхабчылык, тайпачылык негизде иштеп чыккан... Бул баш мыйзамда федералдык аймактарга бөлүп башкаруу жана күчтүү аймактык ыйгарым укуктар да каралган. Ошондуктан Америка Иракты аймактарга бөлүп жиберүү кырдаалын жаратууда ийгилике жетишти» (цитата бүттү). Ушуга негизделип Американын учурдагы Ирак боюнча саясаты Ирак мамлекетчелерге бөлүнүшүн каалабайт. Ал Ирак расмий эмес, амалий жактан мамлекетчелерге бөлүнгөн федаралдык мамлекет болуп калуусун каалайт.

Ошондуктан Америка азыркы учурда Ирак мыйзамдуу расмий турдө мамлекетчелерге бөлүнүүсүн четке какты. Америка жакынкы келечекте Ирак Бремер негиздеген борбордук бийликке караганда аймактык бийлиги күчтүү болгон федералдык мамлекет болуп калуусун гана каалайт.

б) Референдум жарыясы бул Катар кризисинен бир аз дем алып алуу үчүн Британиянын буйругу менен болду. Ошондуктан, Америка Британия менен Катар кризисинде бир аз жумшарууга же сөзгө келсе референдум өтпөй калышы мүмкүн же натыйжасыз аяктайт.

в) Америка эгер кааласа референдумду өткөрбөй койууга деле кудурети жетет, анткени ал Иракты толук көзөмөлдөй алат. Америка өзү каршылык кылабы же Күрдстан аймагындагы ага малай Күрд кыймылдарын ишке салабы, мунун айырмасы жок. Же Барзаниге каршы Түркияны, Иранды ишке салуу менен кылышы, ал тургай материалдык күчтү иштетүү аркылуу кысым кылышы да толук мүмкүн. 1979-жылы Иран республикасы негизеделген күндөн баштап биринчи жолу Иран генштабынын башчысы Мухаммад Бакери Түркияга иш сапары менен келди. Бул иш сапар 2017-жылы 15-августта башталып үч күнгө созулду. Түркиянын расмий «Анадолу» кабар агентиги билдиришинче, Түркия мамбашы Эрдоган Бакерини президенттик комплексте тосуп алды. Жоолугушуу 50 мүнөткө созулду, бул нерсе ушул маселенин зарыл экендигине далаалат кылып турат. Иран генштабынын башчысы Бакерини Ирандын кургактык күчтөрүнүн командачысы жана чек ара кызматынын командачысы ошондой эле жогорку даражалуу Иран аскер жетекчилери коштоп жүрдү. Ирандын расмий «Ирна» кабар агентигинин билдиришинче, Иран ТИМинин пресс-секретары Бахром Касими Иран генштабынын башчысы Бакеринин Түркия болгон иш сапарын жана ал жакта жогорку даражалуу жетекчилер менен жоолугушуусун «эки өлкө ортосундагы алаканы кошумча карым-катнаш кадамы болгон секирик» деп сыпаатады. («Мехер» Иран кабар агентиги, 2017-жыл 21-август). Мындай иш сапардын алкагында референдумга тоскоолдук кылуу же аны болтурбай койуу үчүн Күрдстан аймагында маддий күчтүү иштетүү да акыйкаттан алыс эмес... 2017-жылы 23-августта башкача айтканда Иран генштабынын башчысынын Түркияга болгон зыяратынын аркасынан эле Америка коргоо

министри Анкарага иш сапары менен баруусу да бул позицияны кубаттап турат.

г) Эгер Америка «В» пунктунда айтылып өткөн иш чараларды ишке ашырууда катуу тоскоолдуктардан чочуласа, анда референдумдун өтүшүн жайына койот, бирок эч кандай жыйынтыксыз аякташына же өз алдынча болуп кетүүгө жол бербей турган мүнөздө кылдырат.

7 – Сөзүбүздүн акырында ушуну айтабыз: кейиштүүсү, мусулмандардын жашоосунан мусулмандарды, арабы, ажамы, баарын бириктирип улуу кылып турган Ислам байламтасын алыстатууда каапыр колонизаторлор ийгилике жетишти. Анын ордуна сасыган улутчулдук байламтасын киргизип койду. Анын натыйжасында мусулмандар бөлүнүп-жарылып кетишти. Бири-биринин канын төгө турган болуп калышты. Алардын ортосундагы бир туугандык жоголду!

Үммөттү топ-топторго бөлүп, бириктирбей жаткан нерсе – бул улутчулдук. Бул улутчулдук Ислам мамлекеттинин кулатылышына да курал болуп берген. Каапыр колонизаторлор бул куралды Үммөттүн калган каткан барлыгына каршы дагы эле иштетип келишүүдө... Мусулман өлкөлөрү ири өлкөлөрдүн күрөш жүргүзө турган жана мусулмандардын бей күнө каны төгүлө турган майданы болуп калды. Алар бир тууганчылыкты унунтуп бири-бирин моюнуна чаба тургандарга айланды! Мунун баарын Ислам арам кылган. Ислам мусулмандардын бирдиктүү болушун фарз кылган. Алардын бир туугандыгы тууралуу Аллах Курани Каримде мындай дейт:

***«Бардыгыңар Аллахтын арканына** (Куръанга) **байлангыла жана бөлүнбөгүлө! О.э Аллахтын силерге берген ниъматын эстегиле: бири-бириңерге душман болгон убагыңарда дилдериңерди достоштуруп койду эле, силер Анын ниъматы себептүү бир тууган болуп калдыңар. Тозоктон болгон бир чуңкурдун жакасында турган элеңер, силерди андан куткарды. Акыйкат жолду табышыңар үчүн Аллах силерге Өз аяттарын мына ушундай баян кылат»*** [3:103]

***«Албетте момундар ага-инилер»*** [49:10]

Ошондой эле Ислам улутчулдук, мекенчилдик, уруучулуктун баардыгын арам кылган. Амр бин Динаари (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: «Жаабир бин Абдуллох айтып жатканын уктум: айтты: Биз бир казатта болдук мухаажирлерден болгон бир киши ансарлардан болгон бир кишини тээп жиберди, ал «эй ансарлар» деп кыйкырды. Мухаажир болсо «эй мухаажирлер» деп кыйкырды, Аллахтын элчиси мындан кабар таап, айтты: «Бул эмне?» айтышты: «Мухаажирлерден бир киши ансарлардан болгон бир кишини тээп жиберди, ансар болсо эй ансарийлер деп кыйкырды. Мухаажир болсо эй мухаажирлер деп кыйкырды». Пайгамбар с.а.в айтты:

**«Улутчулдукту таштагыла, ал сасык».** (Бухаари риваяты). Аби Мижлаз Жундуб бин Абдуллох Бажалийден риваят кылат. Пайгамбар с.а.в айтты:

**«Кимде-ким улутчулдук туусунун алдында өлтүрүлсө жана ага чакырса же ага жардам берсе анын өлүмү жахилият өлүм».** Муслим риваяты.

Мусулмандар жүздөгөн жылдар бою дин менен, улуу Роббиси менен күчтүү, Ислам бир тууганчылыгы менен бирдиктүү болуп жашап келишкен. Пайгамбар агасахаабалары, Абу Бакр Умар, Усман, Али. Салман Фарсий, Билал Хабаший... Ислам менен бир тууган болуп Аллах жолунда жихад кылышкан. Араб Умар (Аллах андан ыраазы болсун) Кудусту фатх кылып кирип барган. Солаахидин Күрдий Куддусту крестүүлөрдөн азат кылган. Абдул Хамид Түркий Куддусту жөөт ыпластыгынан сактаган. Мусулмандар мына ушундайча дин менен улуу болушкан. Кимде уга турган кулак, туя турган журөк болсо мусулмандар ушундай дини менен улуу болушу ваажиб.

***«Албетте мында** (Куръанда) **аабид коум үчүн же жеткиликтүү үлгү бар»*** [21:106]

**18-зул-хижжа, 1438-х.**

**9-сентябрь, 2017-м.**

## Күртстан жана Ирандагы саясий окуялар

**Суроо:**

*Иран 2018-жылы 6-январда Күртстан вилаяты Ирандагы наразылык демонстрацияларынын артында турат деп айыптады. Эртеси Күртстан вилаяты бул айыптоону четке какты. Ушуну да айтуу зарыл, 2017-жылы 19-декабрь күнү Күртстан вилаятында, негизинен, Сулаймания регионунда ири демонстрациялар болуп өттү жана бул демонстрацияларда Ирандын ролу бар деген кабарлар тарады. Андыктан, Сулаймания регионунун Ирандагы демонстрацияларга же бул экөөсүнүн бири-бирине алакасы болгон деп айта алабызбы? Башкача айтканда:*

*1 – Иранда жүз берген жана жүз берип жаткан окуялар менен Күртстан вилаятында жүз берген окуяларды бир аракет жана бул аракетке каршы реакция десе болобу?*

*2 – Бу экөөсү өз-өзүнөн келип чыккан аракетпи же тышкарынан аракетке келтирилгенби?*

*3 – Тышкарыдан аракетке келтирилген болсо, анда, ким аракеттендирген жана демонстрациялар аркылуу Иран менен Күртстан вилаятындагы режимдерди өзгөртүү көздөлгөнбү? Аллах сизден ыраазы болсун!*

**Жооп:**

Эки окуяны бир аракет жана бул аракетке каршы реакция деп болбойт. Иран Арбилди айыптоосу да өз-өзүнөн болгон окуялардын натыйжасындагы сокур саясаттан (абдырап калуудан) башка нерсе эмес. Ирандагы окуялардын артында Арбил турбаганынын себеби ушул – азыр Арбил өз вужудуна коркунуч туудуруп жаткан кризис менен алек. Ал азыркы шартта Иран көчөлөрүндө демонстрация ишке ашырууга күчү жетпейт! Ирандын абдырап калганы бир нече тараптарды айыптаганынан да көрүнүп турат. Мисалы, Иран расмийлери чет элдик күчтөрдү айыптап чыкты. Жума күнү Ирандын

БУУдагы өкүлү Гуламали Хушру: «Иран демонстранттар чет элден ачыктан-ачык көрсөтмөлөрдү алганы жөнүндөгү бекем далилдерге ээ», - деди. (Би-Би-Си арабий, 2018-жыл, 7-январь). Ошондуктан, Иран абдырап калгандыктан Арбилди айыптады. Мисалы, 2018-жылы 6-январь күнү Иран өкмөтүнүн координатор кеңешинин катчысы Мухсин Ризаий: «Ирандагы окуялардын сценарийи Ирак Күртстаны вилаяты Арбил тарабынан иштелип чыккан», - деп билдирүү берди...». (Русиял Явм, 2018-жыл, 7-январь). Жогоруда айтканыбыздай, Күртстан вилаяты бул айыптоону өз өкмөтүнүн басма сөз катчысы Свен Дзия аркылуу четке какты. Ошентип, бул маселе бир аракет жана бул аракетке каршы реакция эмес. Кала берсе, ар бир иштин өзүнүн максаты жана шарттары болот. Бирок, Иран жана Күртстандагы окуялар өз-өзүнөн башталды. Кийин окуялар агымына карап бул эки өлкөдөгү максаттарына жетүүнү каалаган чет элдик факторлор ар тараптуу курчап алды:

**Биринчи: Күртстан вилаятындагы окуялар**

1 – Маалымат агенттиктеринин кабарына ылайык, 2017-жылы 19-декабрда Сулайманияда бир нече айдан бери маяналарын ала албай жаткан жумушчулардын жана окутуучулардын нааразылык демонстрациялары күчөдү. Кийин демонстрациялар бүткүл Сулаймания регионуна жайылып, башка региондорго, алардын катарында Арбилдин бир бөлүгүнө да жетти... Демонстрацияларга адамдардын бул даражада тез кошулуп кетиши – вилаяттын экономикалык иштери абдан оор абалда экенин көрсөтөт. Бул кризис – Багдад Киркук регионун өз көзөмөлүнө алышы акыбетинде, Күртстан вилаяты ири нефть ресурстарынан кур калышы артынан жүз берди. О.э. өзгөчө Багдад тарабынан вилаятка түрдүү басымдар да болду, мисалы, Арбил жана Сулаймания аэропорттору чет элдик рейстер үчүн жабылды. Бул болсо, чет элге сапар кылмакчы болгон жарандарга кыйынчылык туудуруп, аларды Багдаддагы эл аралык аэропорт аркылуу учууга мажбур кылды. Өз кезегинде, жергиликтүү өкмөттүн чиновниктеринин коррупцияда жана

Күртстан вилаятынын байлыктарын талап-тоноодо айыпталышы окуяларды дагы да курчутту. Демонстрациялар – айрыкча, Масъуд Барзаний жана анын «Күртстан Демократиялык Партиясына» каршы болгон о.э. күрт партияларынын таасири жогору болгон региондордо – чөпкө түшкөн от сыяктуу заматта жайылып кетти. Жашоо шартынын дагы да оорлошуна алып келген нерселердин бири – күрт үй-бүлөлөрү жергиликтүү каршылык кыймылдарынан коркуп, Киркук... сыяктуу жерлерден Күртстан вилаятына көчүп келиши болду... Мына ушулардын баары бул наразылык аракеттери өз-өзүнөн келип чыкканына далалат кылууда.

2 – Бу демонстрациялар, негизинен, Масъуд Барзанийге жана анын «Күртстан Демократиялык Партиясынын» өкүмдарлыгы астындагы Арбил өкмөтүнө каршы келип чыкты. Анткени, Масъуд Барзаний Күртстан президенттигинен бошотулган болсо да, агасынын баласы Ничерван Барзанийдин артына жашырынып иш кылууда. Демонстрациянын Арбил өкмөтүнө каршы багытталганын бир нече тараптардан түшүнүп алып мүмкүн:

а) Демонстрациялар биринчи Сулаймания регионунда башталды. Бул регионду англистердин малайы Масъуд Барзанийге каршы болгон кыймылдар жана партиялар көзөмөлдөйт. Демек, «Өзгөртүү кыймылынын» мекени – Сулаймания. О.э. Улуттук Союз партиясындагы Талабаний канатынын мекени да Сулаймания. Бул партиялар алардын агымын толук көзөмөлдө кармап тура албаса да, демонстрацияларды чыгарууга жана уюштурууга кудуреттүү.

б) Ничервандын билдирүүсүнөн демонстрациялар анын өкмөтүнө каршы багытталганын түшүнсө болот. Күрт «Basnews» сайтына ылайык: «Күртстан вилаятынын премьер-министри Ничерван Барзаний вилаятка каршы эч ким элестете албай турган үлкөн тил бириктирүү орун алганын эскертти. Кийин «Вилаяттын туруктуулугун бузууну жана демонстрацияларды нугунан чыгарып, зомбулук чыгарууну көздөгөн

тараптар» бар экенин баса белгиледи. О.э. Ничерван Барзаний: «Күртстанда туруксуздук чыгарууга урунуп жаткан жашыруун «колдор» бар, биз анын алдын алууга аракет кылууну улантабыз», - деди. Ничерван Барзаний: «Бу аракеттер башаламандыкка карай бара жатат. Бирок, региондогу коопсуздук органдары мындай абалдарга кескин бөгөт коёт», - деп, ысымын ачыктабаган бул «колдорго» ишара кылды. Кийин: «Алдыбызда олуттуу коркунуч жана эч ким элестете албай турган жаман фитна турат. Себеби, Сулаймания регионунда жүз берген нерсе – коопсуздукту жана туруктуулукту бузуу аракети», - деп, адамдарды биригиип, мындай абалды жеңүүгө чакырды». (Basnews сайты, 2017-жыл, 21-декабрь). Премьер-министр муну менен референдумга Сулайманияда катуу каршылык кылган күрт партияларына, америкалыктарга, алардын борбор Багдаддагы жана Ирандагы тарапкерлери менен болгон алакаларга ишара кылууда. Барзаний өкмөтүнө каршы наразылык демонстрацияларын уюштуруп жаткан партиялардын бири – «Өзгөртүү кыймылы». Ал «Күртстан Улуттук Союз» партиясынан бөлүнүп чыккандан кийин 2009-жылдагы шайлоолордун артынан өлкөдөгү экинчи саясий күчкө айланган. Каврон жетекчилигиндеги «Өзгөртүү кыймылы» менен «Жамаати Исламия» наразылык демонстрациялары учурунда Арбил өкмөтүнөн чыгып кетти. «Жамаати Исламиядагы» жетекчилердин бири Ясин Хасан Ал-Жазирага берген интервьюсунда: «Демонстранттарга каршы ок атылгандан кийин Жамаати Исламия менен Өзгөртүү кыймылы мындай өкмөттөн бүтүндөй чыгууга токтом кылды. Биз өкмөт дароо өзүн өзү таркатышын жана Улуттук Куткаруу өкмөтүн түзүүнү талап кылабыз», - деди. (Ал-Жазира нет, 2017-жыл, 21-декабрь). «Өзгөртүү кыймылынын» жетекчилеринин бири Ирак Күртстаны вилаяты парламентинин төрагасы Юсуф Мухаммад өкмөттүн демонстрацияларга карата позициясын күчсүздөнтүү максатында отставкага чыкканын жарыялады. Би-Би-Си 2017-жылы 26-декабрда мындай кабар таратты: «Ирак Күртстан вилаяты парламентинин төрагасы Юсуф Мухаммад өкмөткө наразылык катары өз

отставкасын жарыялады жана мыйзамдуу өкмөттү белгилүү бир кылмышкер чиновниктер тобу ээлеп алганын баса белгиледи. Юсуф Мухаммад бул топту сындап: «Алар саясат, экономика, жер, байлыктар жана башка тармактарды монополия кылып алышкан, тескерисинче бул нерселерди вилаятта адилет менен бөлүштүрүшү керек эле», - деди. Анын айтымында, Кошмо Штаттардын позициясы референдумду четке каккан жана муну АКШ тышкы иштер министри Рекс Тиллерсон жолдогон каттан билип алуу мүмкүн. Тарыхта алтын учур болгон мындай позицияны вилаят өкмөтү зая кетирди». (Би-Би-Си, 2017-жыл, 26-декабрь). Бул жагдай Юсуф Мухаммад менен «Өзгөртүү кыймылынын» көз карандылыгын көрсөтөт.

3 – Демек, наразылык демонстрациялары Масъуд Барзанийдин «Күртстан Демократиялык Партиясына» каршы партиялар көзөмөлдөгөн Сулаймания регионунда башталды, демонстрацияларда ушул партиялардын жетекчилери да катышты, алардын айрымдарын коопсуздук күчтөрү камакка алды, кийин бул партиялар Арбил өкмөтүн күчсүздөнтүү максатында андан чыгып кетишти жана бул өкмөттү таркатууну талап кылышты... Шайлоолор белгиленген убактан бир нече ай мурун парламент төрагасы отставкага чыкты о.э. Багдаддагы Ибадий өкмөтү ишке аралашуу менен коркутту... Булардын баары ушуга далалат кылат – башында демонстрациялар өз-өзүнөн табигый башталган болсо да, бирок экинчи бир абал Күртстан вилаятындагы максаттарга жетүү үчүн бул табигыйлыкты чет элдик үндөөлөр негизинде тизгиндеп алды.

Бу экинчи абал Күртстандагы Барзаний таасирине каршы болгон жергиликтүү жамааттардын басымы жана Арбилдеги Барзаний өкмөтүн кулатууга багытталган Багдад басымдары натыйжасында жаралды. Мындан тышкары, Түркияда, Иранда жана Багдадда Күртстандын бөлүнүп чыгышына байланыштуу референдумга жооптуу болгон адамдарды жазалоо керек деген кеп-сөздөр да тарады. Бул партиялардын жана режимдердин баары Америкага көз каранды экенин эсепке алсак, Трамп жетекчилигинин

регионго карата саясатынан ушуларды күзөтүү мүмкүн: т.а. Трамп жетекчилиги «биринчи Америка» деген ураан негизинде аракет кылууда. Трамп жетекчилиги англистердин малайлары орун алган региондордо Американын саясаты таасирдүү болушу менен гана чектелбестен, кызыкчылыктары талап кылганда, аларды жазалоого, ал тургай жок кылууга да киришти. Мындай абалга Саудияда коррупцияга каршы кампания алкагында жана Салих өлтүрүлгөндөн кийин Санъада «Элдик Конгресс партиясынын» жетекчилерине байланышкан окуяларда күбө болуп турабыз. Ошондуктан, Америка өзүнүн жергиликтүү жана регионалдык малайларын Барзаний өкмөтүнө – аны кулатуу жана Арбил өкмөтүндөгү англистердин өкүмдарлыгына чекит коюу үчүн – басым өткөрүүгө үндөп жатат. Эгер, аны жакын арада кулата албаса, тынымсыз басымдар менен бул үчүн чөйрө даярдайт.

### Ирак, Ливан жана Ирандагы элдик толкундоолор

**Суроо:** *2019-жылы 5-ноябрдагы баракчада айтылгандай, Ирак, Ливан жана Ирандагы элдик толкундоолор капыстан башталгандыгын билебиз. Абал дагы эле ошондойбу? Айтылып өткөн бул үч өлкөдө Америка таасири күчтүү эсептелет, ошондуктан, бул өкөлөрдөгү элдик толкундоолор арасында Европанын ролу барбы? Бул өлкөлөрдөгү абал ушундай кала береби же Америка адатынча бул мамлекеттердин бийлигиндеги малайларын алмаштыруу аркылуу же Миср жана Суданда кылгандай армия аркылуу бийликти алмаштырып, бул толкундоолорду басабы? Аллах ыраазы болсун.*

**Жооп:** Бул суроолорго Жооп түшүнүктүү болушу үчүн төмөнкү иштерге терең назар салып чыгуу керек:

**Биринчи: элдик толкундоолордун келип чыгышы жана ага себеп болгон түрткүлөр:**

Ооба, бул айтылып өткөн үч өлкөдө элдик толкундоолор капыстан башталды. Анын келип чыгышына себеп болгон түрткүлөр кыскача төмөнкүдөй:

**1 – Ирактагы толкундоолор:**

Иракта элдик толкундоолор 2019-жылы октябр айынын башында башталып күчтүү түс алды. Митинг иш таштоолор менен коштолуп, Багдадагы көпүрөлөрдү жана башка негизги жолдорду жабууга чейин жетип барды. Бул элдик толкундоолор өлкөдөгү экономикалык начар абалга жана бийлик бутактарынын корупцияга өтө малынып кеткендигине, ошондой эле, жумушсуздуктун күч алышына каршы чыгуудан башталды. Элдин кыйынчылыкка карата сабыры түгөнүп, жашоодон кыйналгандыгы негизинде толкундоолор өз-өзүнөн келип чыкты... Ирак бийлиги бийликке келген 16 жылдан бери электр энергия маселесин жолго коё алган жок. Ошондой эле, эбегейсиз мунай байлыгына ээ болуп туруп жаштарга, бүтүрүүчүлөргө жумуш ордун камсыздай албай, элдин жашоо шартын жакшыртууга жакшы шарт түзө алган жок. Ошонун натыйжасында, элдик толкундоолор жүз берип 350гө жакын адам мерт кетти, миңдегендери жаракат алды жана камака алынды. Өкмөттө шериктеш иш алып барып жаткан иранчыл партиянын кеңселери өрттөлдү. Кийин 2019-жылы 4-ноябрда Кербаладагы Ирандын консулдугуна өрт койулуп, адамдар аларды өлкөдөн чыгып кетүүлөрүн талап кылып таш менен ургулашты. Кийин 2019-жылы 27-ноябрда Нажафдагы Ирандын консулдугу өрттөлдү. Ирак өкмөтүн эсинен тандырып жаткан бул элдик толкундоолор элдин көпчүлүгү жайгашкан түштүк тараптагы шаарларда: Багдад, Кербала, Нажаф жана Насирия шаарларында кеңири жайылды. Бул аймактар калктын басымдуу бөлүгү жашаган аймак катары саналат. Бул толкундоолордун олуттуу таасири натыйжасында Абдул Махди бийликке жармашуусун уланта албай 2019-жылы 30-ноябрда кызматтан кетүүгө аргасыз болду. Парламент 2019-жылы 1-декабрда анын кызматтан кетүүсүн кабыл алды.

**2 – Ливандагы толкундоолор:**

Ливан экономикасы дээрлик кыйрай турган чекке жетип калды! «Ливандын жалпы карызы 85.32 миллиард долларга жетти». («Арабий

жадид», 15.03.19). Мындай эбегейсиз көлөмдөгү карызга Ливан мамлекетинин жылдык кирешесинин жарымындай пайыз төлөнөт. «Ливан мамлекетинин сырткы карызы анын ИДПсына карата катышы 152 пайызды түзөт. Карызга карата бериле турган үстөк пайыз өлкөнүн жалпы кирешесинин жарымына барабар». («Би-Би-Си», 28.10.19). Бул кылмыштуу капиталистик түзүмдү колдонунун натыйжасынан келип чыккан натыйжалар. «Ливанда 35 жашка чейинки жаштар арасында жумушсуздук 37 пайызга чейин жетти...». («Би-Би-Си», 26.11.19). Ливандагы саясий чөйрө өз элине карата ушундай экономикалык кыйроону мурастап берип, ага кошумча «WhatsApp»га салык киргизгенден кийин Ливан көчөлөрүнө эл толкуп чыкты. Ливандын түштүгүндө өкмөттүк өкүлчүлүктөрдүн кеңселери өрттөлдү, Бейрутта, Набатиде, Тиреде селдей агылган жүрүштөр болду. Кийин тез аранын ичинде эле элдин талабы өкмөттүн кызматтан кетүүсүн талап кылууга өзгөрдү. Ал тургай, Ливандагы саясий чөйрө бүтүндөй алмашуусун жана коопсуздук кызматтынын да менталитетин өзгөртүүнү талап кылган талаптар коюлду. Ливандагы Ирандын Хизбалла партиясынын жактоочулары 2019-жылы 24-25-октябрь күндөрү митингчилерди камоого алуу менен коркутууга алды... Кийин Ливандагы Ирандын Хизбалла партиясынын жактоочулары жана «Амал» кыймылы дагы Бейрутка кайтышты!

**3 – Ирандагы толкундоолор:**

Иран да өзүнүнүн кошуна мамлекеттериндеги (Ирак, Ливан, Сирия) кырдаалдан тышкары калган жок. Андагы саясий чөйрөнүн өлкөнү башкарууну камкордук көз караш менен кароосу жетишисиз болгондуктан революциялык гвардия өлкөнүн бүтүндөй ири экономикалык тармактарына көзөмөл кылышына жол ачкан. Өлкөнүн экономикалык абалы борбордо жана аймактарда жарылуу чегинде эле. Өзөктүк программа жана өзөктүк ракета менен сыймыктанып жаткан Иран режими бензиндин таңкыстыгы себебтүү элдин митингдерге чыгышынан кыжаалатка түштү! Бензиндин таңкыстыгы

мунайды кайра иштетүүчү заводдордун аздыгы себебдүү келип чыкты. Мындай заводдорду куруу элине камкордук менен караган мамлекет үчүн кыйынчылыкты жаратпай турган иштерден... Кийин 2017-жылга салыштырмалуу Иранда бензин керектөө 40 пайызга өскөндүгүнө карабастан, Хормузан аймагындагы мунай кайра иштетүү заводун иштетүүдөн баш тартуу да буга кошумча болду. Сыртта бензиндин баасы жогору болгондуктан, бензиндин көпчүлүк бөлүгү да контрабандисттердин жолу менен тышка чыгыралып кетүүдө, мамлекет мындай иштердин алдын алуусу да түккө турбаган иштерден эле. Бул көрүнүш өзүнүн ири кирешеси «мунай» саналган өлкө үчүн мамлекетти башкара албай жаткандыгынын дагы бир көрүнүшү болуп саналат! Кийин Иран бензиндин баасын 300%га көтөрдү. Анын натыйжасында, 2019-жылы 15-ноябрда Тегеранда жана ондогон шаарларда митингдер башталды. Митинг күчтүү түс алып банктар өрттөлүп коопсуздук кызматтынын кеңселери, коопсуздук кызматкерлери элдин талоосунда калды, өкмөт наарazылык акциясынын катышуучулары бири-бири менен байланышпоолору үчүн интернет кызматын өчүрдү. Иран режими нараазылык акциясын басуу үчүн репрессиялык зордук-зомбулук жолунун жеткен чегин колдонду. «Иран коопсуздук күчтөрү митингчилерге каршы репрессиялык компаниясын улантып жатат. 23-ноябрда Иран оппозициясы баса белгилешинче: 300дөн ашуун адам мерт кетип, алардын 99унун аты аталды, 4000 ашуун адам жаракат алды. 10 миңден ашуун адам камака алынды. Ошондой эле, революциялык гвардия эмканалардан өлгөндөрдү белгисиз тарапка алып кетип жаткандыгына да ишаара кылды». («Индепендент арабий», 24.11.19).

**Экинчи: наарazылык акциясы Европанын аралашуусуз уланып жатабы?**

Европа митингдерден пайдаланууга аракет кылды... Бирок, бул аты аталган үч өлкөдөгү Американын таасирин жарып кире алган жок. Анын баяны төмөнкүдөй:

**1 – Европанын Ирактагы аракети:**

Жогоруда айтып өткөнүбүздөй, Ирактагы, айрыкча, анын түштүгүндөгү митингдер күчтүү түс алып, калк жыш жайгашкан аймактарга кеңири жайылды. Ошондуктан, Европа, өзгөчө, Британия бул кырдаалдан пайдалануусу ыктымалдан алыс эмес. Британиянын Ирактагы митингдерге кийлигишип жаткандыгына түзмө-түз ишаара жок болгондугуна карабастан, Иран бул нерсени эске алды, балким, аны түзмө-түз эле кийлигишип жатат деген кыяздагы жума хутбасы Али Мухаммад Карма тарабынан Тегеренда жума күнү айтылды. Ал Ирактагы наразылык акциясына катышкандарды сыпаттап мындай деди: «Алар «англис шиалары», - дагы кошумчалап: «Биз англис шиалары деп жаткан бузуку топтор Ирак элинин арасына кирип алган». («Иран итернейшнал», 01.11.19). Ал минтип айтуу аркылуу Иран жооптууларын Британиянын элдик кыймылдардын арасына кирип кетүүсүн алдын алып калууга карата чакыруусу болду. Мындан тышкары, Иран наразылык акциясына катышып жаткандарды Британиянын агенти катары доомат кылуу менен да коркутууга алды. Айрыкча, Британия өз позициясын билдирип, митингчилерди колдой турган түрдөгү билдирүүлөрдү берип жаткан учурда. «Британиянын элчиси өзүнүн Твиттердеги расмий баракчасында мындай деди: «Тынчтык митингдерин өткөрүү – Ирак элинин укугу»; «Митингчилерге каршы күч колдонуу кабыл алгыс иш»; «Наразылык акциясы учурунда мерт кеткендердин жакындарына жана жаракат алгандарга көңүл айтабыз»». («Спутник Россия», 05.11.19). Бул позиция Британия мамкатчысы Эндрю Моррисон 2019-жылы 27-октябрда «Ал айн ахбария» сайтына берген билдирүүдөгү позициянын дал өзү.

**2 – Европанын Ливандагы аракети:**

Маалым болгондой, Ливанда америкачыл жана европачыл күчтөрдүн өз-өзүнчө таасири бар. Америкачыл күчтөр Аун жана Барри аркылуу түздөн-түз же Ирандын Хизбалласы аркылуу кыйыр түрдө таасир кылат. Булар материалдык тараптан да күчтүү болуп эсептелет. Ал эми, Европаны

(Британия жана Францияны) ээрчиген Жагжаг жана Жанбулат сыяктуу европачыл күчтөр тигилерге салыштырмалуу чабал. Харири  болсо, өтө эле алсыз, анткени, ал бир бутун Европага, экинчи бутун америкачыл Саудияга коюп, эки ортодо ойнойт. Алар чечим чыгара турган күчкө ээ эмес. Алар болгону башка тарапты чаташтыра турган иштерди алып барышат. Мисалы, Ливан өкмөтүндөгү төрт министир 2019-жылы 19-октябрда митингчилер өкмөттүн кызматтан кетүүсүн талап кылганда, алар өкмөт курамынан чыгып кетишти. Өкмөт башы Саъд Харири 2019-жылы 18-окуябрда 72 саат ичинде кризистен чыгып кетүүнү жарыя кылды. Кийин ал 2019-жылы 29-октябрда өлкө башчынын жана Ливанды коопсуздук жактан көзөмөл кылып турган Хизбалланын каалоосуна каршы негизде өзүнүн кызматтан кеткендигин жарыялады.

Кийин Франция тышкы иштер жаатындагы Жакынкы Чыгыш жана Түндүк Африка боюнча департаментинин директору Кристофа Варнону Ливанга жиберди. «Ал Франиция мамбашы Эммануэл Макрондондун катын Ливан мамбашы Аунга алып келди. Франция өкмөтү Ливандагы кырдаалга кызыкдар экендигин жана бул кырдаалда Ливанга колдоо көргөзүүгө даяр экендигин билдирди». («Арабия», 13.11.19). Франциянын делегаты Ливандагы америкачыл күчтөр тарабынан кабыл алынган жок. Улуттук расмий маалымат агентиги Ливан ТИМи Басилдин Франция делегатына айткан билдирүүсүнөн цитата келтирди: «Ливандагы кризистен эч бир сырткы күчтөр пайдаланбастыгы зарыл».

Ошондой эле, Британия өзүнүн делегаты Ричард Мурду жиберди, ал Аун менен жолугуп мындай деди: «Британия узак убактан бери Ливанды ар дайым колдоого алып келген шериктерден. Мисалы, өткөн жылы Ливандын көз карандысыздыгын жана туруктуу өнүгүшүн колдоо үчүн 200 миллион доллар көлөмүндө инвестиция берди». Ал кошумчалап мындай деди: «Тынчтык митингине чыккандардын укуктарын сыйлоону улантуу зарыл. Башкача айтканда, тынчтык митингине чыккандарды кайсы бир тарапка күч

колдонуусу же коркутууга алуусу кабыл алгыс иштерден». («Индепендент арабия», 25.11.19).

**3 – Европанын Ирандагы аракети:**

Иран режими адатынча Иранга карата сырттан душмандык кылынып, тил бириктирүүлөр болуп, коркунуч жаралып жатат деген түр жаратууга аракет кылды. «Иран революциялык гвардиясынын жетекчиси генерал-майор Хусейн Салами Тегеранда бийликчил митингчилердин алдында сүйлөгөн сөзүндө, эгер, Америка, Британия, Саудия жана «Израиль» Иранга карата кызыл сызыктан өтүп кетишсе, аларга карата «тукум курут» кыла турган катаал чараларды колдонуу менен коркутууга алып мындай деди: «Мен Америка, «Израиль», Саудия жана Британияга карата мындай дейм, силер бизди майданда кандай экенибизди көрдүңөр. Бизге бириңер да жооп кайтара албадыңар. Биздин кол чабууларыбызды баардыгы угушту». Ал кошумчалап мындай деди: «Силер биздин кызыл сызыктан өтпөгүлө, эгер, өтө турган болсоңор, анда, биз силерди тукум курут кылабыз». («RT», 25.11.19). Иран режими наразылык акциясына чыгып жаткандар мамлекеттеги көйгөйдүн чечилбей жаткандыгы себебдүү эмес, балким, сырткы күчтөрдүн түрткүсү менен чыгып жатышат деген түр жаратууга аракеттенди! Көрүнүп тургандай, наразылык акциясына чыгып жаткандар сырткы түрткүлөрдөн эмес, балким, ички көйгөйлөр чечилбегендиктен өздөрүнүн кан жанын аябай наразылык акцияларына чыгышкандыгы көрүнүп турат! Бирок, Иран режими бул элдик толкундоолор сырткы күчтөрдүн түрткүсү себебдүү жаралып жатат деген түр жаратууга аракеттенди. Ал тургай, жогоруда айтып өткөнүбүздөй, Тегерандагы жума хутбаларында Ирактагы наразылык акцияларына катышып жаткан шиаларды «ангилис шиалары» катары баалаган хутбалар айтылды!

Ирандагы наразылык акциялары биринчи болуп жаткан акциялар эмес жана акыркылары да эмес. Иран же Сирия да болсун, бул элдик толкундоолор ички кризистен келип чыккан элдик толкундоолор болуп

эсептелет. Бул толкундоолордун келип чыгышында эл аралык күчтөрдүн колуна ишаара кылган белгилер жок. Эл Уммат иштерин камкордук менен башкаруу саясатын билбеген тогут акимдерге каршы күрөш алып баруууда.

**Үчүнчү: Америка бул аты аталган үч өлкөдөгү малайларын бийликтен кетиреби же жокпу дегенге келсек, анын баяны төмөнкүдөй:**

1 – Бул үч мамлекетте таасир күчүнө Америка ээ. Ал эми, Европа (Британия жана Франция) бул таасир талашууда Америкага шериктеш боло алышкан жок.

2 – Качан Уммат Ислам негизинде өзгөрүүнү талап кылып чыкканда гана чыныгы өзгөрүү жүз берет, ага чейин бул үч өлкөдөгү акимдер – Америка аларды бийликтен кетирип, башкасын алып келеби же ордунда калтырабы, айырмасы жок – Америка саясатына баш ийген боюнча кала берет.

3 – Капиталист колонизатор кафир мамлекеттер өздөрүнүн кызыкчылыгына кызмат кыла турган малай акимдердин бийликте олтурушун каалайт. Эгер, ал малайларынын бийликтеги мөөнөтүндө элдик толкундоолор жүз берсе, бул кризистен чыгууга ал малай акимдерине мөөнөт берет. Эгер, ал малай акимдери бул мөөнөттө ушул кризистен чыгуу жолдорун таба албай, кожоюна кызмат кылууну уланта албай калса, аны бийликтен кетирип, ордуна башка малайды алып келет. Бул демократия аталышындагы адатка айланган алдоо көрүнүшү. Бул дегени бийликтен куулган малайга караганда жаңы бийликке келген малай аким бир аз ак карга көрүнүшүндө болуп, элдин демин басат. Мындай көрүнүш, эгер, кризис таатаал эмес болсо, маселе ушундай жол менен чечилет. Ал эми, кризис татаал боло турган болсо, анда, адатка айланган 2011-жылдагы Миср же 2019-жылдагы Судандагы сыяктуу «аскерий» жол аркылуу ишке ашырылат.

**Төртүнчү: бул үч өлкөдөгү кырдаалга жараша кандай өзгөрүү күтүлүшүнүн баяны төмөнкүдөй:**

1 – Иран: Америка ачык түрдө эле Ирандагы режимдин өзгөрүүсүн каалабагандыгын билдирип келет. Башкача айтканда, наразылык акцияларында канчалаган адамдардын набыт болушуна карабастан, Америка Иран режими анын кызыкчылыгына кызмат кылат деп билет! Иран режими Ирандагы мусулмандардын каны төгүп жаткан маалда эле Америка жооптуулары Иран режимин сактап калуу тууралуу билдирүүлөрүн берип жатышты. «Ак үйдүн белгилүү жооптууларынын бири Америка Иран режиминин өзгөрүүсүн каалабай тургандыгын билдирди». («Арабия нет», 17.11.19). Ушуга негизделип, өткөн жылдагы наразылык акциялары сыяктуу эле 2019-жылы ноябрда башталган наразылык акциялары себебдүү Ирандагы режим өзгөрүп кетиши күтүлбөйт.

2 – Ливан: жогоруда айтып өткөнүбүздөй, Ливанда америкачыл да, европачыл да күчтөр бар. Орточо чечимге ылайык, күчтүү тарап күчсүз тараптан үстөм келет. Каршылаш эки тарап техносаясий өкмөт же технократиялык өкмөт түзөт. Күтүлө турган нерсе – Америка Ливан өкмөтүндөгү балансты өзгөртөт, анын натыйжасында, америкачыл күчтөр басымдуу болуп европачыл күчтөр ага шериктеш болушат. Бирок, бул азырынча гана. Кийин көчөнү тынчтандырышат.

3 – Ирак: Америка парда артынан Иракты түзмө-түз башкарат. Анын Багдадагы консулдугундагы кызматчылардын саны 16 миңге чамалуу. Булар Ирактын баардык министирлерин жана мунай, коопсуздук жаатына көзөмөл кылып турушат. Бул элчилик Американын дүйнө жүзүндөгү эң чоң элчиканасы болуп эсептелет. Иракта Американын көптөгөн базалары бар, алардын белгилүүсү Анбар аймагындагы Айнул Асад базасы... Өткөн айдын акыркы жумаларында Америка делегаттары ат тезегин кургатпай Иракка каттай турган болушту. Американын вице-президенти Пенс күтүлбөгөн иш сапары менен 2019-жылы 23-ноябрда Айнул Асад базасына келди. Американын вице-президентинин иш сапарынан бир жума өтө электе эле Американын Биргелешкен аскер штабдарынын командачысы Марк Милли

2019-жылы 27-ноябрда Багдадга иш сапары менен келди. Бул, Америка жетекчилги Ирактагы абалга өтө кызыкдар болуп жатканына ишаара кылат. Ирак Американын сезимталдуу жери, анткени, ал аны басып алып, аны өнүгүүгө алып барам деп жар салган. Ал Иракты туруксуздукка жана кризистерге кептеди. Азыр Ирак биринин артынан бири ээрчиген кризистерге кептелди. Эгер, кырдаал жакынкы аралыктарда турукташпаса, анда, Америка адатынча Миср жана Суданда кылгандай, өкмөт курамына көчөдөгүлөрдү да катыштырып «аскерий» жол аркылуу өзгөрүү жасоого аракет кылат. Маалым болгондой, Ирактагы терроризмге каршы күрөшкөн коопсуздук күчтөрү Америка тарабынан түзүлгөн жаңы аскерий жабдуулар менен жабдылган ири аскерий күч катары саналат. Бул аскерий күч нааразылык акциясына чыккандарды күч менен бастыруу саясатынан өзүн алыс тутту. Тахрир аянтына чыккан митингчилер бул аскерий күчтүү жемкордука малынган саясатчылардан алыс катары баалап жатышкандыктары да көзгө урунду. Митингчилер бул аскерий түзүмдүн мурунку жетекчиси Абдул Ваххаб Сааъдинин сүрөттөрүн көтөрүп чыгышты. Ошондуктан, бул аскерий түзүм маселени чечүүдө роль ойношу митингчилер тарабынан кабыл алынышы күтүлөт.... Бул бир тараптан, башка тараптан болсо, Америка Багдадда уюштурган аскерий жыйналыштарга катышуу үчүн өзүнүн Багдаддагы элчиканасындагы кызматчылардан тышкары делегаттарын жөнөттү. Ушунун баары Америка зарыл болгондо ишке салууну пландап жаткан иштерден саналат...

Абдул Махди кызматтан кетип, анын ордуна башка бирөө келиши таасир бербейт жана маселени да чечпейт. Балким убактылуу болот. Башкача айтканда, жара айыкканга чейин ачык бойдон калат!

Бул үч өлкөдөгү жалпы элдик толкундоолордун өзүнө упай алып келе турган жери жана зыян алып келе турган жери бар. Өзүнө упай алып келе турган жери – бул толкундоолор сырткы күчтөрдүн түрткүсү себебдүү эмес, ички көйгөйлөр себебдүү эл өзү толкуп чыкты жана дагы эле көбүрөөк

бөлүгү ушул негизде бара жатат. Ал эми, өзүнө зыян алып келе турган тарабы – азыркыга чейин бул элдик толкундоолор Аллахка жана Анын Расулуна чынчыл болгон, жолду нурданта турган Ислам өкүмүнө, Халифалыкка чакырган туура негиздеги жетекчиликти өзүнө жетекчи кылып албай жаткандыгы... Эгер, бул элдик кыймылдар ыкластуу жетекчиликсиз ишин уланта берсе, хидаятсыз жолдун негизинде барат, жибин чыйратып кайра жандырып жиберген аялдай, бул элдик толкундоолордун аракети, курбанчылыктары текке кетет! Аллах туура жолго хидаяттоочу.

**4-декабрь, 2019-м.**

## Иран маселеси тууралуу берилген суроолорго жооптор

## Ирандын ядролук программасы тууралуу

**Суроо:** *Ирандын ядролук программасынын проблемасы кайра-кайра чайнала берип, сагыз болуп кетти. Бул проблема туурасында кээде сүйлөшүү алып барылат, кийин бул сүйлөшүү жокко чыгат. Кийин коопсуздук кеңешине өткөрүлүп, токтом чыгарылат. Иран бул токтомду аткарбай, ага бир же эки ай кайдыгер карайт. Ошодон кийин баш катчы Ирандын бул токтомго амал кылбаганын тан алат. Андан кийин, дагы бир токтом чыгарылат, Иран ага дагы кайдыгер карайт. Ошентип, иштер ушундай көрүнүштө бирдей улана берет.*

*Ирандын ядролук программасы проблемасы кандай пайда болгон өзү? Азыр бул проблема боюнча эмне иштер жүрүп жатат? Бул проблеманы Америка же (Израилдин) чабуулу аркылуу чечүү канчалык деңгээлде мүмкүн? Кала берсе, бул проблема менен Түндүк Кореянын ядролук проблемасынын ортосунда бирер байланыш барбы өзү?*

**Жооп:** Маалым болгондой, ядролук куралдардын таркалышына жол бербөө жөнүндөгү келишим (NPT) 1968-жылы пайда болду. Иран ага 1970-жылы кол койду. Шахтын өкүмдарлык доорунда Иран айрым Европа (Германия жана Франция) компаниялары жардамында өз ядролук аракетин баштады.

Хумайний Ирандын ядролук программасын 1979-жылы токтотуп койду. Ошондон кийин 1995-жылы Рафсанжаний доорунда бул программа боюнча иштер кайра жанданды. Мындай абал Хотамий жетекчилигиндеги «реформаторлордун» доорунда 1998-2005-жылдары улантылды. Ушул негизде 2003-жылдын жаз айында, Ирак басып алынгандан кийин, чет элдеги ирандык оппозиционерлер Ирандын тынч максаттарда болбогон ядролук иштер алып барып жатканы, бул иштерди Иран эл аралык атом энергиясы агенттигинин (IAEA) инспекторлорунан жашырып жатканы жөнүндө жар салышты. Дагы ушуга карата атом энергиясы агенттигинин директору Барадей ядролук программа жөнүндө отчёт даярдап, аны агенттикке тапшырды.

Мына ушундан Ирандын ядролук программасына тиешелүү проблема жөнүндө дүрбөлөң, доо жана четке кагуулар, Европа үчтүгү (Британия, Франция, Германия) менен сүйлөшүүлөр башталды. Мунун артынан 2003-жылы 25-октябрда Иран Хотамий доорунда кошумча протокол деп аталган нерсеге кол койду. Бул протокол агенттик тарабынан күтүүсүз, капилеттен тинтүү-текшерүү өткөрүлүшүнө уруксат берер эле. Мындан максат, «Иран текшерүү убагын билсе, эң назик иштерди инспектор-текшерүүчүлөрдөн жашырууга үлгүрөт» деген айыптоолорго чек коюу эле.

Ошого карабастан жана Иран кээ бир учурларда сүйлөшүүгө киришүү үчүн уранды байытуу иштерин токтотуп койгонуна карабастан, иштер барган сайын чиелешип бара берди, Ирандын атом энергиясынан тынч максаттарда пайдалануу укугун кепилдей турган бирер натыйжага жетишилбеди. Ошондуктан, Иран уранды байытуу иштерин улантышын кайра баштап жиберди.

Иштер ушундай көрүнүштө улантылып, тоголоктолгон кар сыяктуу чоңоё берди. Кийин кызып кайнап, бул «кардын» айрым бөлүктөрү эрип, көлөмү кичирее баштады. Кийин иш дагы кескин түс алып кетти. Акыры 2006-жылы 23-декабрда Коопсуздук кеңешинин 1737-номерлүү токтому

чыкты. Бул токтом уранды байытууну токтотууга чакырды. Бирок, Иран тынч максаттарда байытуу туурасында эл аралык конвенцияда көрсөтүлгөн укугунан баш тартууну четке какты. Ошодон кийин Коопсуздук кеңеши дагы топтолуп, 2007-жылы 24-мартта 1747-номердеги дагы бир токтомду чыгарды жана Иранга уранды байытууну токтотушу үчүн т.а. ядролук энергиядан тынч максаттарда пайдалануудагы укугунан баш тартышы үчүн эки ай убакыт берди. Ал эми, Ирандын уранды тынч максаттарда байытышына каршы чыгып жаткан мына ошол мамлекеттердин өзү уранды аскерий максаттарда жана ядролук курал-жарактар иштеп чыгаруу үчүн байытышат. Америка болсо атом куралын Экинчи дүйнөлүк согушта иш жүзүндө ишке салган.

Сүйлөшүүлөрдө этибарды тарта турган нерсе, Европа Иран менен анын ядролук программасы туурасында сүйлөшүү алып баруу менен убара, алек. Америка болсо алыстан күзөтүп турат, күзөтүп гана калбастан, балким, көп абалдарда бул сүйлөшүүлөрдү жокко чыгарып жатат:

Мисалы, Европа «үчтүгү» Иран менен сүйлөшүү алып барууга жана бул проблеманын чечимин табууга көңүл буруп, ушуну менен убара болуп турган бир убакта, негизги фактор болгон Америка, ал тургай, сырттан өзүн Европа сунуш кылып жаткан чечимдерди колдоп-кубаттап жаткандай кылып көрсөтсө да, негизи чечимге жетишүү мөөнөтүн аркага сүрүүгө аракет кылууда. Ошондуктан, америкалык жооптуулар (расмийлер) Европа-Иран сүйлөшүүлөрү качан келишүүгө жакындашып калса, кескиндикти жүзөгө келтирүү үчүн бардык варианттар ачыктыгы жөнүндөгү коркутуу жашырынган билдирүүлөрдү бере башташат.

Мисалы, Европа союзу тышкы саясатынын жогорку өкүлү Салона 2007-жылы 25-апрелде Ларижоний менен учурашкандан кийин эле, Вашингтонду Тегеран менен бардык темалар туурасында, ошолордун катарында ядролук ишке тиешелүү нерселер туурасында байлануу каналын ачууга чакырып, ирандыктардын, ошолордун катарында алардын жогорку жетекчилигинин

бул диалогго даяр экендиктерин кошумчалады. Салона Ларижоний менен болгон жолугушууда эки тарап тең үмүттөнүп чыгышына алып келүүчү орточо чечимдерди сунуш кылган эле. Бирок, Вашингтон шаша-буша «Тегеран менен түздөн-түз сүйлөшүүлөр алып баруу үчүн уранды канча өлчөмдө байтытылгандыгын түшүндүрүп бериши шарт» деп билдирүү берди. Ал эми, Вашингтон байытылган уран өлчөмү тынч максаттарда пайдалануу чегарасынан өтпөгөндүгүн т.а. абдан көп болсо 5%дан өтпөгөндүгүн абдан жакшы билет. Ядролук энергиядан аскерий максаттарда пайдаланууга мүмкүн болуу үчүн болсо уранды эң жогору даражада, 97%дын айланасында байытышы керек болот. Бул болсо Америка Ирандын жакынкы келечекте ядролук куралга ээ болушунан коркуп жатканы жөнүндө жарыя кылган шылтоосу болбогур шылтоо экендигин көрсөтүп турат. Булардын баары Кошмо штаттар бул проблеманы чечимсиз асылып турушун каалап жатканына далалат кылат. Америка өз кызыкчылыгын көздөп бул проблемадан төмөнкүдөй көрүнүштө пайдаланмакчы:

1. Ирандын ядролук проблемасынан Булуңдагы мамлекеттерди коркууга салуучу «мокочо» катары пайдалануу. Бул болсо Америкага «Булуң мамлекеттерин Ирандын капыстан чабуул коркунучунан коргоо» деген шылтоо менен өз аскерий базаларын сактап калуу жана кыргын кылуучу самолёттору, миноносец кемелеринин тынымсыз ызгып, учуп, сүзүп жүрүү мүмүкүнчүлүгүн берет! Негизи, бул проблема Америкага өнөр жайдын жан тамыры болгон нефтиге бай кендер үстүнөн өз өкүмдарлыгын сактап калышы үчүн керек. Себеби, бул региондогу нефть кудуктарында анык эсептөөлөргө караганда 357 миллиард баррел чийки нефть бар. Ал эми, бул кудуктардагы ыктымал болгон запастарга келсек, бул нефть казыналарынын бул сандан көп эсе артыктыгында эч шек жок. Адис булактардын кошумча кылышынча, Саудиядагы нефть кудуктарынын бир өзүндө 160 миллиард баррел нефть бар. Мындай өлчөмдөгү нефть keминде элүү жылга жетет. Бул эми эгер нефть казып алуунун азыркы жогору даражасы сакталып калса т.а.

күнүнө 13 миллион баррелден ашык казып алынса, мына ошончо мөөнөткө жетет.

Белгилүү болгондой, дүйнөдөгү нефть казып алуучу эң чоң мамлекеттердин үчөөсү Булуң регионунда жайгашкан, алар Саудия, Ирак жана Иран. Эми эгер алардын катарына Кувейт, Эмираттар жана Булуңдагы башка мамлекеттерди кошо турган болсок, анда Булуңдун эки жээгинде жайгашкан бул мамлекеттер тобу дүйнө экономикасы же өнөр жайы үчүн маанилүү жашоо тамырын түзүшүндө эч күмөн жок. Ошондуктан, ири Батыш мамлекеттеринин жана алардагы нефть компанияларынын бул региондогу мына ошол үлкөн нефть казыналарын талашып, өз ара күрөшүп жатканына, бул регионго армияларды жана эксперттерди жиберип жатканына, анда аскерий базалар жана малайларды ар тарапка «эгип» жаткандыгына таң калбаса да болот.

2. Чыгыш Европада, азырынча Польша, Чехия...да ядролук чабуулга каршы коргонуу калканынын тармагын куруу. Белгилүү болгондой, Россия ракета куралдарына ээ мамлекет болуп, ал Америкага зыян жеткире алышы мүмкүн. Америка «Иран жана Түндүк Корея тарабынан берилиши ыктымал болгон ракета соккусу коркунучуна каршы туруу» максатында, ракета чабуулуна каршы радарларды орнотуу ниетинде экендигин жарыя кылган эле! Ошондо Россия бул шылтоону четке кагуучу Жоопун берип, Иран же Корея Кошмо штаттарга жетип бара ала турган баллистикалык ракеталарга ээ эместигин айтты!

Россия ракеталарды жайгаштыруу өзүнө каршы каратылганын жана Иранды шылтоолоо болбогон нерсе экендигин түшүндү. Ошондуктан, Россия тышкы иштер министри Сергей Лавров 2007-жылы 4-апрелде өзүнүн мамлекети Американын Европада ракетадан коргоо «чатырын» куруу жөнүндөгү долбооруна Россия жана бүткүл Европага кооп туудурат деген этибарда карашын маалым кылды. Ал Европаны бул долбоорго каршы

тукурууга урунуп, Европаны да тилге алып өткөн эле. Лавров Европаны мындан эскертүүнү 2007-жылы 11-апрелде дагы кайталады.

21-апрелде болсо, Польшанын бир гезити бир расмий булактын Буш июнь айында Варшавага Польша жерлеринде ракетага каршы коргонуу системасын орнотуу жөнүндө сүйлөшүү алып баруу үчүн келет деген сөздөрдү басып чыкты. О.э. Буштун Чехияга дал ушул максатта сапар кылышы да күтүлүүдө.

Европалыктардын ракетага каршы Америка радарларын орнотуу программасынын жарыя кылынышына каршы катъий, толук позицияны ээлебегендиктерине каршы жооп катары, Путин 2007-жылы 26-апрелде өзүнүн мамлекети Европада адаттагы, жөнөкөй курал-жарактарды кыскартуу жөнүндөгү келишимге амал кылууну токтоторун маалым кылды. Ушул убакыттын өзүндө Райс «Москванын ракетадан коргонуу тармагы таасиринен коркушу – болбогур коркуу» экенин айтты!

Ошентип, Америка бул проблемадан өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланууда. Себеби, ал Иран тарабынан ядролук аскерий коркунуч жакынкы келечекте күтүлбөшүн жана колдонгон аз гана жаза чаралары да бул мөөнөттү дагы да көбүрөөк артка сүрүп жиберишин абдан жакшы түшүнөт. Ошондуктан, демек, күчтүүрөөк ыктымал ушул, Америка Ирандын ядролук проблемасын чече турган чечимге жетишилбеши үчүн бүткүл күч-аракетин сарптайт, балким, качан орточо чечимдерге жакындашса – жогоруда айтып өткөнүбүздөй – аларга тосук коюуга урунат.

Эми, бул ядролук проблеманы Америка чабуулу менен чечүү ыктымалына келсек, Кошмо штаттарда демократтар партиясынын жеңишинен кийин жана Иракта өлгөн Америкалык аскерлердин кепиндери саны барган сайын ашып бара жатканынан кийин жүзөгө келген ички абал, шарттар..., регионалдык шарттар (Американын Иран жана Афганистанда кыйын абалга түшүп калгандыгы) о.э. эл аралык майдандагы шарттар, себеби, дүйнө жүзү боюнча бул чабуулга каршылык билдирилүүдө, кала

берсе, Ирандын Булуңдагы Америка кызыкчылыктарына зыян жеткирүүгө кудуреттүү болуп кетиши – булардын баары Иранга каршы аскерий чабуул ыктымалын абдан азайтып жиберет. Америка расмийлеринин билдирүүлөрү да ушуну көрсөтүп турат:

2007-жылы 29-январда Буш мындай деди: «Америка кызыкчылыктарын Иранга кылынган чабуул менен гана коргоого болот деп ким да айта алат».

2007-жылы 3-февралда болсо коргоо министри мындай деди: «Биз Иран менен согушууну пландаштырып жаткан жокпуз».

2007-жылы 5-апрелде Америка армиясынын борбордук командачылыгынын жаңы командачысы адмирал Вильям Фалон (ал Жон Абу Зайддын ордун ээледи) «жакынкы күндөрдө Иранга бериле турган сокку» жөнүндөгү суроого жооп берип жатып, мындай деди: «Бизге Ирактагы проблемалардын өзү жетиштүү». Ал муну Египет президенти менен Шармуш-Шайхта учурашкандан кийин айтты.

2007-жылы 17-апрелде болсо Америка деңиз күчтөрүнүн операцияларына башчылык кылуучу Майкл Молин Кошмо штатта Иранга чабуул кылуу планы жоктугун айтып, Американын Булуң регионундагы колдоп-кубаттоолору бул региондо тынчтыкты сактоого каратылганын баса белгиледи.

Ушуга караганда, демек, жакынкы келечектеги жергиликтүү, регионалдык жана эл аралык маалыматтар Американын Иранга чабуул кылуу ыктымалын азайтат. Биз жакынкы келечектеги деп жатабыз. Себеби, эл аралык майдандагы вакыйлыктын өсүп-өнүгүшү алака жана кызыкчылыктар жагынан дайым бирдей турбай, тескерисинче, өзгөрүп турат. Ал эми мунун натыйжасында жаңы окуялар жүз берет.

Бирок, бул жерде ой жүгүртүү керек болгон төмөндөгү үч фактор бар:

Биринчи фактор: Жөөт мамлекети Иранга аскерий чабуул кылынышына кызыкдар. Себеби, ал ар кандай Исламий өлкөнүн ядролук потенциалга ээ болушу жөөт вужудуна коoп туудурушун жакшы билет. Ал эми, жөөт

мамлекетинин өзү мындай чабуул кылышынын – Ирандын аскерий потенциалын этибарга алганда – натыйжалары кепилденбеген. Мындан тышкары, Иран жөөт вужудуна абдан чоң зыян жеткириши мүмкүн. Ошондуктан, жөөттөр неоконсерваторлордун диний жактан жөөттөргө жакындыгынан пайдаланып, Американы мындай чабуулга үндөө үчүн бар күчтөрүн сарпташууда. Жөөттөр Америка коргоо министринин 2007-жылы 18-апрелде басып алынган Палестинага жасаган сапарында, Американы Иранга каршы аскерий операция өткөрүү зарылдыгына ишендирүүгө урунушту. Бирок, өздөрү каалаган натыйжага жетише алышпады. (Израиль) басма сөзү бул ишке Гетс 2007-жылы 19-апрелде өз сапарын аяктагандан кийин токтолуп өттү. Мисалы, «Маореф» гезитинин жазышынча, (Израиль) коопсуздук аппаратынын жетекчилери министр Гетс жана анын жардамчылары менен бирге катышкан кеңейтилген учурашуу чагында (Израиль) расмийлери Ортоңку Чыгыш регионундагы абалга тиешелүү кең маалыматтарды сунуш кылышкан. О.э. (Израиль) коопсуздук аппаратынын жетекчилери Иранда жүрүп жаткан нерселер жөнүндөгү жашыруун маалыматтарды да сунуш кылышкан. (Израил) коопсуздук аппараты жетекчилери АКШ коргоо министринен Иранда болуп жаткан окуялар жөнүндө канааттандырарлык жооп беришин талап кылышты. Бирок, Гетс башкача мааниде түшүнүлбөй турган түрдө Кошмо штаттар Иран ядролук программасынын проблемасын дагы эле дипломатиялык жолдор менен чечүү тарапкери экендигин анык-тунук кылып айтты жана Американын Иранга каршы аскерий операция өткөрүшүнүн мүмүндүгүнө эч кандай шилтеме жасаган жок.

Ошол гезиттин дагы жазышынча, (Израиль) расмийлери министр Гетстен Кошмо штаттардын Иранга карата ниеттери жөнүндө көбүрөөк маалыматтарга жетишүүгө катуу урунушту. Себеби, (Израиль) бул иш жаатында өз стратегиясын белгилеп алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек. Бирок, Америка министри (израилдиктердин) талаптарына токтолууну

бүтүндөй четке какты жана Америка кеңсесинин Иранды ядролук программасынан баш тартууга мажбурлоо максатында ага басым өткөрүү үчүн дагы эле дипломатиялык жолдор тарапкери экендигин (Израиль) расмийлеринин алдында кайра-кайра кайталады.

Экинчи фактор: Британия абалдын кескиндешинен, Американы Ирак баткагына дагы да көбүрөөк батыруудан жана Американы Иран менен конфронтацияга тукурууга кызыкдар. Бул нерсе Британиянын көпчүлүк иштеринен көрүнөт. Мисалы, Британия Ирактагы армиясынын санын кыскартарын жарыя кылды. Ал эми, Америка коопсуздукту көзөмөлгө алуу үчүн кошумча күчтөргө муктаж экендигин жарыя кылган эле...

Бирок, ишти Иран менен куралдуу кагылышуу даражасына чейин жетип, анда Американы катышууга мажбурлоо үчүн кескиндештирүүгө дагы да аныгыраак далалат кыла турган нерсе, Британия деңизчилери жана алардын Шаттул Арабдагы Иран территориялык сууларынын чегарасын бузуп өтүүсү болду. Бул чегараны качан бузуп өтүштү деңиз. 2007-жылы 23-апрелде т.а. Коопсуздук кеңешинде Иранга каршы жаза-чараларды колдонуу жөнүндө талкуу-тартышуулар кызып жаткан бир убакта жана Коопсуздук кеңешинин жаза чараларды күчөтүү туурасындагы 1747-номердеги токтому чыга турган түнү бузуп өтүштү. Бул окуя Ирандагы абалдын кызуу түс алышынын чокусуна чыккан убагына туура келди. Себеби, Иран өз куралдуу күчтөрүн согуш сафарбарлык абалына келтирди. Муну Ирандын барган сайын күчөп бараткан манёврларынан анык көрүүгө болот. Ушуну менен бирге, Шаттул Араб Британия деңиз күчтөрү адашып кала турган анчалык узун, кең деңиз эмес экени маалым. Айрыкча, британ аскелери бул сууларда болжол менен төрт жылдан бери сакчылык кылып келишкени эсепке алынса, алардын адашып калышы таптакыр мүмкүн эмес. Британия ирандыктар британ аскерлеринин мындай шартта суу чегараларын атайын бузуп өтүшүнө унчукпай калбашын жакшы билет эле. Ошондой да болду. Себеби, он беш британ аскери колго алынды.

Кескиндик барган сайын күчөп жатты. Ал тургай, Блэр 2007-жылы 3-апрелде эгер британ деңиз аскерлери 48 саат (эки күн) ичинде коюп жиберилбесе, Британия кескин чараларды көрөт деп коркутту. Ал өз билдирүүсүндө мындай деди: «Келерки эки күн чечүүчү күн болот. Мында проблеманы чечүү үчүн эки багыт бойлоп аракет кылынат: Биринчиси, маселени сүйлөшүү жолу менен чечүүгө урунуп көрүлөт. Экинчиси, болсо эгер сүйлөшүү аркылуу аскерлерди азат кылуунун аргасы болбосо, анда кескинирээк токтомдорду кабыл алышыбызга туура келет». Максат болсо, провокация кылып, Иранды тукуруу экендиги анык эле. О.э. эгер куралдуу кагылышуу жүз бергидей болсо, Американын согушка кириши мүмкүн эле, натыйжада, согуш үрөй учургандай көрүнүшкө айланат эле. Блэр өзүнүн ошол билдирүүсү Ахмадийнажатка таасир кылып, аны кызуулантып жиберишин жакшы билчү, себеби, анын кызуу кандуу экендиги ага маалым эле.

Бирок, иш Британия каалаганынан башкача болду. Себеби, Ахмадийнажат британ аскерлерин кечирди жана аларды азат кылды. Ал, жада калса, расмий түрдө кечирим суралышын да күтпөй, 2007-жылы 4-апрелде басма сөз конференциясында алардын азат кылынганын жарыя кылды т.а. эки күндүк мөөнөт бүтпөй туруп, аларды азат кылып жиберди. Ошентип, кырдаал Блэр күткөндөн башкача көрүнүштө аяктады. Муну Блэрдин өзү да 2007-жылы 5-апрелде, ошол деңизчи аскерлер Тегарандан Лондондогу Хитроу аэропортуна келген убакта берген интервьюсунда айтты. Ал ошол интервьюсунда мындай деди: «Алардын азат кылынышы күтүлгөндөн көрө абдан тез, эч бир келишүүсүз ишке ашты». Ошондуктан, демек, экинчи фактор согуш чыгарууда кудум биринчи фактор ийгиликсиз болгондой, иш бербей жок болду. Аскерлердин азат кылынышында Американын негизги фигура болгондугу ыктымалдан алыс эмес.

Үчүнчү факторго келсек, республикачылар партиясынын рейтинги – республикачылардан турган Америка кеңсесинин Ирак менен Афганистанда

кризиске түшүп калгандыгы себептүү – түшүп кетти. Бул болсо республикачылар партиясынын келерки президенттик шайлоодо жеңип чыгышы ыктымалын күчсүз кылып коёт. Ушул себептен улам, республикачылар кеңсеси республикачылар партиясынын шайлоодо жеңип чыгуу мүмкүнчүлүгүн жакшыртуу үчүн чектелген, үйрөнүп чыгылган «согуштарга» кирүү менен өзүн коркунуч астында калтырышы мүмкүн.

Мына ушул үч фактор үстүнөн ой жүгүртүлүшү керек. Ушуну менен бирге, айтып өткөнүбүздөй, жакынкы келечекте проблеманы аскерий жол менен чечүү ыктымалдан алыстыгы күчтүүрөөк.

Эми, Иран ядролук проблемасы менен Түндүк Корея ядролук проблемасынын ортосунда бирер байланыш бар же жоктугуна келсек... бул жерде эч кандай байланыш жок. Себеби, Түндүк Корея иш жүзүндө ядролук мамлекет болуп, ядролук курал-жарактарды иштеп чыгарат. Иран болсо эми баштоо алдында турат. Себеби, ал азыр тынчтык максаттарда пайдалануу үчүн уранды байытууга урунуп жатат.

Бирок, бул жерде башкача түрдөгү байланыш бар. Ал да болсо, «чечүүгө тоскоолдук». Себеби, Америка Түндүк Корея жаатында да проблеманын Кытай жанында асылып кала беришин каалайт. Ушул себептен улам, ал бул проблеманы талкуулоого Кореяга коңшулаш болгон мамлекеттерди кошту (алтылык жыйынында талкуулана турган болду) жана аны экилик ортосунда талкууланышына ыраазылык бербеди. Американын мындан максаты, бул проблеманы ушул региондо курч-кескин абалда катыруу. Себеби, Түндүк Кореяга түздөн-түз көбүрөөк алакадар болгон мамлекет Кытай. Ошондуктан, Америка бул проблема Кытайдын боорун өйүп, кескин болуп кала беришин каалады.

Анын проблема болуп кала бериши проблеманын чечилбешин түшүндүрөт. Демек, бул проблема бар болуп кала бериши үчүн, Түндүк Корея ядролук мамлекет да, ядролук эмес мамлекет да болбой, туруксуз болуп тура берет. Ошондуктан, качан Кытай проблеманы чечүүгө жетишүү

үчүн күч-кайрат сарптаса, ал эми, Америка чечим каршысына тосуктарды коюу үчүн шылтоо издеп жатканына күбө болосуңар. Мисалы, Корея Америка тарабынан бериле турган белгилүү бир жардамдардын акысына ишканалардын бирин демонтаж кылууну (бузуп таштоо) башташы жөнүндө бир келишүүгө жетишейин дегенде, Америка Макаодогу банктардын бириндеги Түндүк Корея каражаттарын тоңдуруп коюуну козгоду жана ошол каражаттардын Түндүк Кореяга тапшырылышына тоскоолдук кылды. Тигил келишүүдө көрсөтүлгөн демонтаж мөөнөтү 2007-жылы 13-апрелде өтүп кетти жана каражаттар тапшырылбады... Ошентип, проблема дагы кескиндешип кетти. Түндүк Корея болсо тоңдуруп коюлган ошол каражаттарды албастан туруп демонтажды таптакыр баштабоо чечиминде катуу туруп алды.

Бул каражаттар 25 миллион доллар экендигине т.а. Түндүк Кореянын ядро реакторлорун (Янгбйон реакторлорун) демонтаж кылуу жөнүндөгү келишимге салыштырмалуу эч нерсеге арзыбастыгына карабастан, бирок, бул каражаттардын тапшырылышына Америка тарабынан тосук коюу көрүнүшү алиге чейин улантылууда. Бул болсо Россия тышкы иштер министринин орунбасарын 2007-жылы 16-апрелде «Кошмо штаттар Макао банкында Бйонг Янг каражаттарынын берилишине тоскоолдук кылуу аркылуу Түндүк Кореянын ядролук программасына тиешелүү кризистин чечилишине тоскоолдук кылууда» деп билдирүү берүүгө мажбур кылды.

2007-жылы 26-апрелде болсо Түндүк Кореянын ядролук ишине тиешелүү сүйлөшүүлөрдө катышып жаткан Түштүк Корея өкүлү Макаодогу «Дельта Игйо» банкындагы тоңдуруп коюлган каражаттардын маселеси келерки аптада чечилишин күтүп жаткандыгын айтты!

Ушуга караганда, Иран менен Кореянын ядролук проблемасы ортосунда Американын ар кандай чечимге мүмкүн болушунча алыс убакытка созула турган тосук коюшу жагынан байланышы бар деп айтууга болот.

## Ирандагы шайлоо тууралуу

**Суроо**:

*2009-жылы 12-июнда Иран республикасынын президенттигине шайлоо болуп өттү. Учурдагы президент Махмуд Ахмадий Нажад 62,6% добуш менен жеңип чыкты. Анын атаандашы Мир Хусайн Мусавий 33,7% добуш алган, деп расмий жарыя кылынды. Башка талапкерлер болсо, абадан аз добуш алышкан. Натыйжада, Мусавий жана анын тарапкерлери шайлоо натыйжаларына шектенүү билдиришти. 2009-жылы 15-июнда Мусавийдин тарапкерлери Тегеранда уруксат албастан наарызылык демонстрацияларын жана жүрүшдөр уюштурду. Коопсуздук күчтөрү демонстрацияга чыккандарды таркатып жибергенде тартипсиздик жана зомбулуктар күч алып, мунун натыйжасында 7 киши өлүп, 29 киши жараланды, деп жарыя кылынды ...*

*Ко-ош, бул окуялар Иранда эл аралык күрөш жүз бергенден кабар береби же ал борбордук күчтөрдүн ортосунда кызмат үстүнөндөгү ички күрөшпү? Бул окуяларда Америка менен Европанын ролу барбы?*

**Жооп**:

1 – Шайлоо натыйжалары жарыя кылынышы менен Иранда болуп жаткан окуялар этибарды тарта турган даражадагы иштерден саналат. Себеби, Ирандагы саясий режимдин абалы, учурдагы режим мекемелеринин табияты, диний жетекчиликтин кең укуктары жана республика президентинин чектелген укуктары ушулардын баары күчөп бара жаткан мындай окуялардын жүз беришине этибар каратса арзый турган ишке айландырат.

2 – Режим мекемелеринен ушундай бир билдирүүлөр чыкты дейсиң, алар режимдин окуялар кызуу түс алганын жана алар жөнөкөй эмесин түшүндүрөт, а түгүл дустурду (конституция) коргоо кеңеши наарazылык катышуучуларын ыраазы кылуу үчүн кандайдыр бир жан берүүнү (уступка) сунуш кылды. Мисалы, 2009-жылы 16-июнда дустурду коргоо кеңеши

Ахмадий Нажаддын атаандаштары сунуш кылып жаткан шайлоолорго тиешелүү арыздарды жана шайлоону бекер кылып, жаңы шайлоо өткөрүү талабын карап чыкты. Натыйжада, ушул кеңештин атынан сүйлөөчү Аббас Али: «Мыйзам боюнча шайлоону бекер кылып, жаңы шайлоо өткөрүү мүмкүн эмес. Бирок, иш ушуну талап кылса талкуу темасы болгон шайлоо бюллетендеринин айрымдарын кайрадан санап чыгуу мүмкүн», деп билдирүү берди (ал-Жазира, 2009-жыл, 16-июнь). О.э. режимдин абалдын мындай кызуу түс алганын түшүнүп жетиши 2009-жылы 16-июнда Ахмадий Нажад тарапкерлерин да Ахмадий Нажадды колдоп-кубаттоо жана бир күн мурун Мусавийдин нааразылык демонстрацияларында катышкандар тарабынан жүз берген тартипсиздик, зомбулук окуяларын каралоо үчүн көп сандагы демонстрацияларды өткөрүүгө үндөгөн.

3 – Шайлоодо уттурган атаандаштардын, эң оболу Мусавийдин шайлоодо жасалмалаштыруу жана «катуу мыйзам бузуулар» жүз берди, деген билдирүүлөрү о.э. шайлоо натыйжаларын тан албастыгы көчөдө максаттуу аракеттерди күчөттү. Мисалы, нааразылык демонстрациялары уюштурулду. Анын арасында «Мандаса» деп сыпатталгандар тарабынан тартипсиздик жана зомбулук иштери жүз берди. Алар курал-жарактарды колго алып, коопсуздук борборун ээлөөгө аракет кылды, деп жарыяланды…

4 – Бирок, эң маанилүүсү бул окуялардан европалыктар пайдаланып калышты. Мисалы, Франция президенти Саркози: «Жасалмалаштыруу көлөмү зомбулук окуяларына ылайыктуу болгон», деп билдирүү берди. Британиянын премьер-министри Браун: «Иран жетекчилигинен катуу чаралар көрүүдөн тыйылуу жана шайлоо калыбындагы мыйзамдуу арыздарга жооп берүү талап кылынган», деп билдирүү жасады (ал-Жазира, 2009-жыл, 16-июнь). Франция тышкы иштер министри Бернар Кушнер болсо: «Иранда болуп жаткан иштер терең, абдан маанилүү аракет болуп, толкундап козголгонун айгинелейт. Франция мунун каршысында башын кумга тыгып олтурушу мүмкүн эмес», деди (ал-Хаят, 2009-жыл, 18-июнь). Бернар Кушнер

«Франция Нажаддын мыйзамдуу президент болгонун моюнга алабы же жокпу?», деген суроо үч жолу кайра-кайра берилишине карабастан, ага жооп берүүдөн өзүн алып качты. Катууколдук, Ирандагы наарaзылыктар жана шайлоо натыйжаларына күмөн менен кароо маселесин козгоо жаатында Германия, Италия о.э. Европанын башка мамлекеттери да Франция менен Британиянын артынан барды. О.э. алардын массалык маалымат каражаттары, телевидение, радио жана гезиттери да катууколдукту каралады, шайлоо натыйжаларына күмөн менен карады жана Нажаддын мыйзамдуу президент болгондугун моюнга албоого чакырды. 2009-жылы 16-июнда Британиянын «Таймс» гезити да муну ачык талап кылып чыкты. Нажадды «Башы бейиште го, бирок буттары балчыкта жашай турган айылдык дабдыр», деп жаман сыпаттар менен сыпаттады. Иран Франция менен Британияга наразылык билдирди. Балким, ушул эки мамлекеттин Тегерандагы элчиканаларынын алдында наарaзылык аракетке келди. Париждеги Иран элчиканасы да өз билдирүүсүндө «Иранды шашкалак, жоопкерчиликсиз деп сыпаттаган жана франциялык жооптуулардын Ирандын иштерине аралашууга далалат кылуучу билдирүүлөргө» каршы наарaзылык билдирди (Америка үнүн радиосу, 2009-жыл, 16-июнда).

5 – Булардын баары европалыктар Мусавий жана анын жамааты шайлоо натыйжаларына билдирген наарaзылыктарынан пайдаланып калуу үчүн убакыт тапканын, демонстрацияга чыккандардын арасына кирип, тартипсиздик, зомбулук, жалын жагуу иштерин аткаруу үчүн айрым жаштар жана студенттерди козгоп, мунун натыйжасында алар Иран коопсуздук күртөрүн өздөрү менен аралашып кетип, режимге каршы иш кылууга урунуп козголоң келтирип чыгаруу үчүн өз малайларын аракетке келтиргенин көрсөтүүдө. Европалыктар кудум ал желде төңкөрүш болду, деп иштерди ашыра көрсөтүүгө урунууда. Мусавий мындай иштер кылынбасын, 2009-жылы 16-июнда боло турган жүрүштөр жана наарaзылык демонстрациялары бекер кылынсын, деген чакырыгына карабастан, жүрүш жана

демонстрациялар улана берди. 2009-жылы 17-июнда Ал-Жазиранын кабарчысы Мухаммад ал-Бахроний кабар беришинче, Абал Мусавийдин колунан чыгып кетип, Мусавийдин белгилүү хизбий уюму болбой калган. Ошентип, булардын баардыгы бул иштерди башкарып жаткан башка күчтөр бар экендигин көрсөтүүдө. «Сафхатул олам Эроний» 2009-жылы 16-июнь санында «Иран булактарында зомбулук иштерин демонстрациячылар арасына кирип алгандар кылган», деп келтирилген.

6 – Шайлоого карата Америка билдирген мамилелерге келсек, алар оң болду. Мисалы, Америка президенти Обама: «Иранды ким башкарышын белгилей турган кишилерге келсек, бул ирандыктардын иши. Биз Ирандын эгемендүүлүгүн урматтайбыз. Биз Кошмо Штаттар Иранда проблема болушун каалабайбыз», деди. (Америка өкмөтүнүн гезити, 2009-жыл, 14-июнь). Америка тышкы иштер министри Хиллари Клинтон: «Кошмо Штаттар Иран шайлоосуна түшүндүрмө берүүдөн өзүн тыйды. Иран калкынын каалоосу аткарылат деп үмүт кылабыз», дейт (Америка CNN, 2009-жыл, 14-июнь). Ак Үйдүн атынан сүйлөөчү Роберт Гейс: «Ушул шайлоодон, айрыкча Иран жаштары арасында пайда болгон кайрат тобу жана жандуу тартышуулардан Ак Үй таң калды», дейт (Америка CNN, 2009-жыл, 14-июнь). «Вашингтон Пост» америкалык адистер ортосунда сурамжылоо өткөркөнүн, ага ылайык Ахмадий Нажад атаандашы Хусайн Мусавий үстүнөн эки эсе үстөмдүк менен утуп чыкканын жарыя кылган. (Сафъатул олам Эроний, 2009-жыл, 16-июнь). БУУнун башкы катчысы Ги Мун: «Иран калкынын жетекчилигин толук урматтоо керек», деп билдирүү берди. (ал-Жазира, 2009-жыл, 16-июнь). Анык болгондой, америкалык жооптуулардын билдирүүлөрү, аракеттери, массалык маалымат каражаттары, басма сөздөрүнүн, алар менен бирге БУУ башкы катчысынын билдирүүлөрүндө Америка Ахмадий Нажаддын экинчи президенттик доорго калышына ыраазы экендигин түшүндүрөт. Ал тургай, Обама: «Ахмадий Нажад менен анын

атаандашы Хусайн Мусавий ортосунда саясат жаатында да келишпестиктер бар», деди (Рейтер, 2009-жыл, 16-июнь).

7 – Ушуну эстетип өтүү керек, Иран Нажаддын өткөн төрт жылдык биринчи президенттик доорунда көрүнүп турган маанилүү эки теманы Афганистан менен Ирак темасында Америка менен келишкен. Келишип эле калбастан, балким Ирандын жооптуулары, эң оболу Ахмадий Нажад аны менен бирге. Мисалы, ал өткөн жылы 2008-жылы 26-сентябрда БУУ жыйынына катышуу үчүн Нью-Йоркко келгенде «Нью Йорк Таймс» гезитине берген интервьюсунда: «Иран Афганистанга таандык иштерде Кошмо Штаттарга жардам колун сунган… О.э. мамлекетибиз Иракка кайрадан туруктуулук жана тынчтык алып келүүдө Америкага жардамдар берген», дейт. Өткөн жылы Иран президенти Ахмадий Нажад ушул эки мамлекет – Афганистан менен Ирак Америка найзаларынын астында турганда, Америка тарабынан ушул мамлекеттердин жана алардын калкы кыйратылып, басып алынган абалда сапар кылган. Бул болсо, Ирандын жана президентинин Американын ушул эки мамлекетти басып алганына ыраазы экендигин жана муну иш жүзүндө моюнга алганын о.э. Америка тарабынан ушул эки мамлекетке орнотулган малайларын да моюнга алганын көрсөтөт. Балким, Иран Карзай менен Маликийге т.а. Америка тарабынан ушул эки мамлекетке орнотулган малайларына жардам берип жатканын ачык айтууда. Азыркы учурда Нажаддын турушу Хатамий жана Мусавий сыяктуу реформаторлор деп аталган кишилерге караганда Америкага көбүрөөк кызмат кылат. Себеби, ал жана анын неоконсервативдүү деп аталган агымы шиа маселесине этибар караткany же алардын айланасында ушундай чөйрөлөр бар экендиги үчүн Америкага көбүрөөк кызмат кылат. Себеби, бул нерсе регион мамлекеттери алдында, айрыкча Булуңдабы, Булуңдан башка жердеби Англияга байланыштуу болгон мамлекеттерде кооп-коркунуч туудурат. Ал тургай, Марокко бир нече ай мурун Иранды шиалыкты колдоп-кубаттап жаткандыкта жана ал жерде тартипсиздиктер келтирип чыгарып

жаткандыкта айыптап, Иран менен дипломатиялык алакасын үздү. Иордания акими Абдулла экинчи Ирандын шиа жарым ай наамы астындагы коркунучу жөнүндө сүйлөгөн. Булардын баары Америка бул мамлекеттерди Ирандан коргоо үчүн региондо калууга шылтоо катары, аларды Ирандын шиалаштырышынан коркутуу аркылуу Американын ушул мамлекеттерге жеке аким болушуна кызмат кылат! Ошол эле учурда, Америка Иран шиалыкты таркатып жаткан имиш деген нерсеге сокку берүү менен, демек, мындан улам мазхабчылык жана тайпачылык чыр-чатактарын козгоо аркылуу мусулмандар арасында бөлүнүүнү ишке ашырууда.

8 – Шайлоодон кийин болуп өткөн тартипсиздиктерге, нааразылык демонстрацияларына жана жүрүштөргө карата Американын мамилелерине келсек, Обама: «Шайлоо боюнча мен терең тынчсызданууда экендигимди мурун айткан элем», деди. Ал бул сөзгө оңдоо киргизип: «Америка-Иран алакаларынын тарыхына назар таштасак Америка президентинин Иран шайлоосуна аралашуусу пайдалуу эмес», дейт. Ал: «Иран калкынын өз каалоолорун көрсөтө алышы үчүн тынчтык кадамдарын коюга» үмүт билдирет (Эй. Эф. Би., 2009-жыл, 16-июнь). Ал тургай, анын орунбасары Жозеф Байден бул натыйжа көп суроолорду ортого таштайт дешине карабастан, «Кошмо Штаттар корутунду өкүм чыгаруу үчүн жетиштүү далилдерге ээ эмес», деп кошумчалап, «Кошмо Штаттар Иран менен сүйлөшүүгө даяр», дейт (Британия радиосу, 2009-жыл, 16-июнь). Демек, бул билдирүүлөр Иранды айыптаган абалда жана ага карата жумшак мазмунда айтылууда. Айрымдары Америка массалык каражаттарын, айрыкча окуяларды жарытууда керек болсо Америка саясатына кызмат кыла турган даражада иш кылган Си.Эн.Эн., Фокс Ньюс сыяктуу эң чоң массалык маалымат каражаттарын Иранда жүз берип жаткан окуяларга карата унчукпай жөн тургандыкта айыптады. Батышты Европа маалымат каражаттары эң биринчи Британия телерадио жана электрондук компаниясы Ирандагы окуяларга карата чоң жана ашыра айтылган айлакердикке

жетекчилик кылууда. «Иран тышкы иштер министрлиги Батыш массалык маалымат каражаттарын тартипсиздик иштерин алып барып жаткан кимселердин атынан сүйлөп жаткандыкта айыптаган» (аш-Шаркул Авсат, 2009-жыл, 18-июнь).

9 – Ушул нерселер Америка менен Европа ортосундагы эл аралык күрөштүн издери Иранда көрүнүп турганынан далалат берүүдө. Себеби, Европа мамлекеттери, эң биринчи Франция менен Британия өз малайларына айла иштетүү жана адамдарды козгоо аркылуу Ирандагы абалды изден чыгаруу үчүн бардык саясий жана информациялык каражаттарды ишке салып мүмкүнчүлүгү болушунча наразылыктар келтирип чыгаруу үстүндө иштөөдө, Ирандагы режимди кулатып өз малайларын алып келүүгө умтулууда. Азыркы убакта бул нерсенин жеңишке жетиши ыктымалдан алыс. Себеби, абал Американын таасиринде бара жаткандардын колунда турат. Алар реформаторлор болобу же неоконсервативдерби айырмасы жок. О.э. Иран майданында иштөө үчүн европалыктардын ачык-айкын күчтөрү жок. Алардын малайлары ушул окуяларда пайда болгону сыяктуу бекинип жүрүп убакытты канимет билишет.

Бул нерсе Европа жана Американын билдирген мамилелеринде ачык көрүнүп турат. Себеби, Европа болуп жаткан окуялардан абдан катуу таасирленген. Анын иш алып барууларында жана билдирүүлөрүндө кескиндик ачык көрүнүп турат. Америка болсо, жүз берип жаткан окуяларга карата тынч, кадыржам турат. Ошол эле учурда, Ирандагы абал Американын каалоосуна каршы кеткенде, же Ирандагы режим Американын агымына каршы аракет кылганда, же Ирандагы өзгөртүү Америка үчүн пайдалуу болгондо Иран режимине каршы, анын жетекчилигине каршы, айрыкча Ахмадий Нажадка каршы дүйнөнү бутка тургузмак, Европа мамлекеттери сыяктуу провокация толкунун чыгармак. Иштерди ашыра көрсөтүп, жалган ойлоп тапкан жана ушул тармакта чебер уста массалык маалымат каражаттары бир ирмем болсо да жөн турбаган болор эле. Себеби, алар

Саддамга каршы ушундай жол карманышып, жада калса Иракты басып алышып, жексен кылышты, Талибанга каршы да ушундай жол тутушуп, Афганистанды басып алышып, ал жерди да жексен кылышты. Ушул эки мусулман мамлекеттин миллиондогон калкын кырып таштады.

10 – Эл аралык күрөштүн издери анык көрүнүп турган болсо да, бирок ички борбордук күчтөрдүн күрөшү да көзгө ташталып турат. Шайлоо натыйжалары жарыя кылынышы менен Мусавий агымы тарабынан жана анын артында турган Рафсанжаний, Хатамий, Натик Нурий сыяктуу адамдар тарабынан түшүнүлгөн нерсе төмөнкүдөй: Рафсанжаний мурунку шайлоолордо Ахмадий Нажадка уткурганы сыяктуу алар өз жеңилүүлөрүн батыра албады. Натыйжада, шайлоону кайрадан өткөрүү үчүн тополоң чыгармакчы болушту. Мисалы, реформатор деп аталган агым, эң биринчи Рафсанжаний, Хатамий жана ушул шайлоодо алардын өкүлдөрү болгон Мусавий менен неоконсервативдүү, деп аталган агым, эң биринчи Ахмадий Нажад жана аны колдоп-кубаттап жаткан Иран республикасынын диний жетекчиси Али Хамейни жана алардан башка шиа уламалары ортосундагы күрөш жетекчилик, кызыкчылык жана айрым ички өзгөртүүлөр, деп аталган нерсени пайда кылуунун үстүндөгү ички күрөш. Алар ортосундагы күрөш күч алып, эң жогору чокуга чыкканы көрүнүп турат. Ал тургай, «Ахмадий Нажад Рафсанжаний менен мурунку ички иштер министри Натик Нурийди Жамал согушунда Талха менен Зубайрдын Имам Алийге каршы чыккан ролуна окшотту жана ал экөөсүн саясий майдандан тамыры менен жок кылууну талап кылды» (Лондондун ал-Хаят гезити, 2009-жыл, 18-июнь). Бирок, бул экөөсү т.а. ушул эки агым сөздөн пайдалануу сыяктуу айрым ыкмаларды эсепке албаганда тышкы саясатта бирдей. Ушул себепке ылайык, Обама «Нажад менен Мусавийдин арасында чоң айырма жок. Алардын арасындагы айырма абдан аз», деди. 2009-жылы 16-июнда Республика диний жетекчиси Али Хамейни чыгарган билдирүүдө Нажадды колдоп-кубаттаганын билдирип, шайлоодон кийин аны куттуктап жеңишке

жетишкени менен аны алкыштап, калкты анын айланасына тоштолушун талап кылды. Анын мамлекетке өнүгүүнү жана өнүктүрүүнү алып келиши, улуттук коопсуздук, турмуштук нерселерди камсыздап жатканын айтып өттү. Кийин сөзүн мындай деп улантты: «Шек-күмөн жок, бул да илахий бир тандоо, андагы ийгилик Алла Тааланын рахматын тартат» (Сафхатул олам Эроний, 2009-жыл, 18-июнь). О.э. аны шуъро кеңешинин башчысы Али Ларжани жана казылык өкмөтүнүн башчысы Хашимий Шахрудий да колдоп-кубаттап, куттуктады. Ошентип, булардын баары Нажаддын бийлигин бекемдейт жана анын мыйзамдуу шайланганын далилдейт. Каршылыктар жана наразылыктарды чечүү катары айрым шайлоо кутуларын кайрадан карап чыгуу ыктымалы да бар. Бирок, бул натыйжаны өзгөртө албайт. Ошондой болсо да, борбордук күчтөрдүн ички күрөшү ушундай бир жол тапты дейсиң, ал тургай жөн турганда да аны бекитүү оңой болбойт.

**18-июнь, 2009-м.**

### Ирандын Хурмуз кысыгын тосуусу тууралуу

**Суроо:** *2012-жылы 15-январь күнү Ирандын «ОПЕК» уюмундагы өкүлү Мухаммад Али Хатибий Ирандын базарларга нефть жеткирип беришине Европа Союзу тарабынан санкциялар колдонула турган болсо, Ирандын ордуна нефть жеткирип берүү акыбетинен Булуң мамлекеттерин эскертти. Ирандын «Шарк» гезитине ылайык, Мухаммад Хатибий Ирандын ордуна нефть жеткирип берүүнүн акыбети кандай болорун алдын ала айтуу кыйын экендигин кошумчалаган!*

*Ошол эле күнү Иран тышкы иштер министрлигинин өкүлү Рамин Мехманпараст Кошмо Штаттар Хурмуз (Ормуз) кысыгы боюнча Иранга нота тапшырганын билдирди. Бул жөнүндө Ирандын расмий маалымат агенттиги кабар таратты. Мындан мурун т.а. 2011-жылы 28-декабрда Иран өзүнө каршы эл аралык жаза-чаралары күчөтүлүшүнө жооп катары Хурмуз кысыгын тосуп коюу менен коркуткан жана бул региондо деңиз*

*күчтөрүнүн машыгууларын өткөрөрүн жарыя кылган. Иран ар кандай аралыкка учуучу ракеталардын түрлөрүн учуруу боюнча ийгиликтүү сыноолорду өткөргөнүн да жарыялады.*

*Ирандын Хурмуз кысыгын тосуу жөнүндөгү ниети олуттуубу? Иран өзүнө каршы олутуу согуш башталышынан коркуп жатабы? Согуш болсо, кайсыл тараптан болот? Дүйнөдөгү учурдагы шарт мындай согушка жол береби?*

**Жооп:** бул суроого жооп берүү үчүн төмөнкү жагдайларды карап чыгабыз:

1 – Иран вице-президенти Мухаммад Риза Рахимий Хурмуз кысыгын тосуп коюу менен коркутуп мындай деди: «Иран нефтисине каршы санкциялар киргизилсе Хурмуз кысыгы аркылуу бир тамчы нефть да өтпөйт» (Ирандын «Ирна» агенттиги, 2011-жыл, 27-декабрь). Иран Ыңкылабы Сакчыларынын башкы командачысынын орунбасары генерал Хусайн Саламий болсо: «Иран өзүнүн турмуштук кызыкчылыктарын коргоо үчүн кескин аракет кылат» - деп коркутту. Эгер, Иран өзүнө каршы санкция колдонулса, согушка даяр экендигин көрсөтүү үчүн бул региондо 2011-жылы 31-декабрда деңиз күчтөрүнүн машыгууларын өткөрдү. Иран деңиз күчтөрүнүн командачысы адмирал Хабибуллах Сайярий коркутуу басымын жумшартып: «Бул кысыкты тосуп коюу Иран куралдуу күчтөрү үчүн абдан оңой, ирандыктар айткандай, бир култум суу ичүүдөн да жеңил, бирок, биз азыр аны тосуп коюуга муктаждык көрбөй жатабыз» - деди (Ирандын «Пресс» телевидениеси, 2011-жыл, 28-декабрь). Анын бул сөздөрү Иран өзүнө каршы согуш жана чабуул кылынбаса, өзүнө каршы жаза-чаралар колдонулушунун өзү менен гана Хурмуз кысыгын тосуп коюуга азыр кадам коймокчу эмес деген маанини билдирет.

2 – Отчёттордо көрсөтүлгөндөй, дүйнөгө деңиз аркылуу жеткирип бериле турган нефтинин 30-40%ы ушул кысык аркылуу өтөт. Бул кысыктын туурасы 50 км.ге жетет. Андан күнүнө 20-30 нефть танкери өтөт жана андан

өткөн нефть көлөмү күнүнө болжол менен 19 миллион баррелди түзөт. Бул кысык тарыхта маанилүү бир стратегиялык чекит болуп келген жана Европанын колонизатор мамлекеттери бул кысыкты талашып бири-бири менен күрөшкөн. «Улуу»Британия доорунда бул кысыкты Британия Индияга алып бара турган негизги жол деп эсептеген, англис таажысынын бермети деп эсептеген. Британия Иранда жана Булуңдун калган мамлекеттеринде өз таасирин орноткондон кийин, бул кысык үстүнөн да өз көзөмөлүн орнотту. Мындай абал жаңы кылымда Американын ролуна кезек келгенге чейин созулду. Америка өткөн кылымдын жетимишинчи жылдарынан тарта Британиянын ордун ээлөөгө аракет кылып, бул кысыкты өзүнүн улуттук коопсуздугунун бир бөлүгү деп эсептеди жана Бешинчи флотун 1993-жылы Бахрейн менен түзүлгөн кызматташтык келишиминин чүмбөтү астында Бахрейнге жайгаштырды. Америка аскерий кемелери Булуң сууларында ушул кысык аркылуу ээн эркин шүмшүңдөп кезе баштады. Демек, Иран аны оңойлук менен тосуп коё албайт. Американын Европага каршы тымызын макулдугу менен гана тосуп коё алат. Иран өткөн кылымдын сексенинчи жылдары, Саддам Хусейн доорунда Ирак менен согушканда бул кысыкты тосуп коюу менен коркуткан, бирок, тосуп койбогон. Учурда болсо тосуп коюу жөнүндөгү ушунча коркутуулардан кийин Иран деңиз күчтөрүнүн командачысы сыпалык менен жогоруда айтылган билдирүүнү берди.

3 – Ирандын ушундай коркутууларынан кийин Америка Мамлекеттик департаментинин өкүлү Виктория Нуланд айым мындай деди: «Биз соңку кездерде Ирандын акылга сыйгыс кадамдарын көрдүк, бул болсо, бизди Иран өзүнө каршы колдонуп жаткан эл аралык жаза-чаралар оор экенин жана басымдар күчөп жатканын болуп көрбөгөндөй сезе баштады деген ишенимге алып келет. Бул болсо, Ирандын ичинде да сындоолор күчөшүнө алып келди. Ошондуктан, эл аралык жаза-чаралар үмүт кылынган жемиштерин бере баштады деп айтышыбыз мүмкүн, кескиндик болсо, барган сайын күчөп жатат...» (ал-Арабийя, 2011-жыл, 30-декабрь). Демек, Америка

Ирандын ядролук программасына каршы колдонулган жаза-чаралар жетиштүү деп эсептемекчи. Америка ушул аркылуу яхудийлерди тизгиндеп, алардын Иранга каршы аскерий чабуул жасоо жөнүндөгү коркутууларын ишке ашыруусуна жол бермекчи эмес. Себеби, америкалыктар бир нече жылдардан бери яхудий мамлекет тарабынан Иранга ар кандай сокку берилишине каршы чыгып келе жатат. Ушул себептен улам, америкалыктар Иранга ядролук программасына каршы жазалар колдонулушунун өзү жетиштүү экенин көп жолу айтып келишкен. Ошондуктан, Америка Мамлекеттик департаментинин өкүлү «жаза-чаралары күтүлгөн жемишти бере баштады» деди. Бир нече айдан бери Америка коргоо министри Леон Панетта да Иранды ядролук программасын токтотуу үчүн жаза-чаралар жетиштүү экенин, бул жаза-чаралар жалгыз вариант экенин байма-бай айткан. Ошондуктан, Америка яхудий мамлекеттен АКШ менен өз ара келишпестен Иранга каршы эч кандай иш кылбоону талап кылды. Бул болсо, Америка тарабынан тизгинди өз колунда туруктуу кармап турууга каратылган аракет болуп саналат.

4 – Көрүнүп тургандай, Америка соңку кездерде яхудий мамлекет Ирандын ядролук имараттарына аскерий сокку берүү ниетинде деген пикирге келди. Бул жерде яхудий мамлекеттин сокку беришин колдогон Британиянын олуттуу аракеттери да бар. Мына ушул нерсе Американы жаза-чараларды күчөтүүгө аракет кылууга мажбур кылды. Бул жаза-чаралар Иран борбордук банкы менен мамиле кылууга тыюу салууга жетти. Себеби, бир Америка жооптуусу 2012-жылы 13-январда Иранды ядролук программасынан баш тартууга мажбур кылуу үчүн өткөн айда киргизилген жаңы Америка жаза-чараларынан максат Ирандын борбордук банкынын ишин майтаруу экенин айтты. Бул нерсе ушул банктын эл аралык банктар менен мамиле кылышын орчундуу абалга алып келет. Америка муну менен чечим жалаң жаза-чараларда жана аларды күчөтүүдө экендигин көрсөтмөкчү.

Максат, яхудий мамлекеттин сокку беришине о.э. европалыктардын, эң оболу, британиялыктардын бул маселеде роль ойношуна жол бербөө.

5 – Бул жерде Европа Иранга аскерий сокку берүү тарапкери экенин көрсөтүп турган бир нече иштер бар. Европа яхудий мамлекетти сокку берүүгө тукуруп эле калбастан, яхудий мамлекетти бул иш үчүн зарыл болгон нерселер менен да камсыздап жатат. Европа бул жаатта яхудийлердин артында турат. Мисалы, Франция эки жыл мурун Иранга каршы тыңчылык кылуу үчүн бул регионго спутник учурду жана азырга чейин яхудий мамлекетти Ирандын аскерий позициялары, ядролук имараттары жана иш-аракеттерине тиешелүү сүрөттөр жана маалыматтар менен камсыздап келүүдө. Германия болсо, яхудий мамлекетти ракеталар менен куралданган эң заманбап суу астында жүрүүчү кемелер менен камсыздады. Британия да бул жаатта яхудий мамлекет менен бекем аскерий кызматташтык кылып жатат. Британия коргоо министри Филипп Хэммонд Иранды «кысыкты тосуп коюу үчүн божомолдогу ар кандай аракеттердин акыбетинен» эскертип коркутту. Британия маалымат каражаттары болсо, абалды курчутууга жана коомчулуктун пикирин Иранга каршы коюуга тынымсыз аракет кылууда. Мисалы, «Гардиан» гезити 2011-жылы 3-ноябрда мындай деп жазып чыкты: «Британия күчтөрү Иранга каршы аскерий операцияны ишке ашыруу үчүн ыкчам согуштук даярдык абалына өткөрүлдү, буга Ирандын ядролук программасынан тынчсыздануулар себеп болууда». Британиялыктар акыркы айларда яхудий мамлекет менен дагы да тыгыз байланыш алып барууда. Мисалы, Американын «Ю.Пи.Эй» агенттиги 2011-жылы 2-ноябрда мындай кабар таратты: «Иранга каршы Израиль аскерий чабуулу жөнүндө кеп-сөз күч алып жатканда Британиянын башкы штабынын жетекчиси генерал Дэвид Ричард Израилге жашыруун түрдө сапар жасады, бул сапар үч күнгө созулду. Ошол эле учурда, Израиль коргоо министри Эхуд Барак 2011-жылы 2-ноябрда Британияга жол алган». Британиянын «Daily Mail» гезити болсо 2011-жылы 10-ноябрда өзүнүн электрондук сайтындагы бир отчётто

«Британия өкмөтүндөгү жооптуулар өкмөттө Израиль кечиктирбестен тез арада Иран ядролук имараттарын бутага алууга аракет кылат деген бирдей пикир бар экенин баса белгилешүүдө» деп жазып чыкты. «Израиль» маалымат каражаттары болсо, 2011-жылы ноябрь айында сионист мамлекеттин аскерий аба күчтөрү НАТОнун Италиядагы базаларынын биринде аба манёврларын өткөргөнү, бул манёврларда келечектеги көпкө созулган чабуулда катышуусу мүмкүн болгон бардык аскерий аба күчтөрү катышканы жөнүндө кабар таратты.

6 – Учурга келип «Израилдин» Иран ядролук имараттарына сокку берүү жөнүндөгү коркутуусу күчөдү. Мисалы, Американын «Уолл Стрит Жорнал» гезити 2012-жылы 14-январда мындай деп жазып чыккан: Вашингтон Израилдин Ирандагы ядролук имараттарга каршы божомолдогу аскерий чабуулунан тынчсызданууда. Бул нерсе Америка жооптууларын ушул чабуулду четке кагуусуна жана израилдик жооптууларды анын акыбеттеринен эскертүү жөнүндөгү каттарды жолдошуна мажбур кылды. Гезит бул маселе жөнүндөгү бир отчётту көрсөтүп, мындай деп жазган: Америка президенти Барак Обама, коргоо министри Леон Панетта жана башка ири америкалык жооптуулар соңку кезде Израил жетекчилерине бир катар кайрылууларды жолдоп, аларды божомолдогу бул чабуулдун жаман акыбеттеринен эскертишти жана Американын Тегеранга каршы жаза-чараларды колдонуу үчүн кошумча убакыт берүүдөгү позициясын билдиришти. Кошумча убакыт берилсе, бул жаза-чаралар өз жемишин берет, мына ошондо Иран ядролук курал иштеп чыгарууну токтотот.

7 – Америка Иранга таасир кыла турган жаза-чараларга басым жасоодо жана аскерий чара пайда бербешин айтып жатат. Америка, айрыкча, азыр, 2012-жылда т.а. Америка президенттигине шайлоо өткөрүлө турган жылы абдан басым жасоодо. Ал эми, яхудий мамлекет менен европалыктар Иранга каршы аскерий чабуул жасоо үчүн Америкадагы ушул президенттик шайлоодон пайдаланып калышмакчы. Себеби, Обаманын азыркы

жетекчилиги экинчи жолу утушка жетүү үчүн ушул шайлоо менен алек болот жана бул жетекчилик яхудийлердин жана башкалардын добушына ээ болууга аракет кылат. Себеби, мындай чабуул жасалганда Америка кыйын абалда калат, ошондуктан, бул чабуул шайлоо жараянында жүз берсе, мындай абал Американы ушул чабуулду колдоого мажбур кылат. О.э. бул региондо Америка үчүн абал чаташып кетет, бул болсо, европалыктарга, айрыкча, бул регионду мурун колония кылган англистерге регионго аралашуу жана Булуң регионунда таасирдүү роль ойноо мүмкүнчүлүгүн берет. Мына ошондо европалыктар Американын бул региондогу таасирине зыян жеткирүүгө, Ирандагы абалды туруксуз кылууга аракет кылышат. Европалыктар Иранда кандайдыр бир деңгээлде таасирге ээ болууга ушундай таризде чөйрө даярдашат. Алар өз таасирин 1979-жылы өздөрүнүн малайы шах Мухаммад Риза Пехлави кулап, Иран ыңкылабы жүз бергенден кийин жоготушкан.

8 – Ошондуктан, Америка саясаты жаза-чаралар максатка толук жеткирет деген пикирге жан үрөп басым жасоодон турат. Ошон үчүн, Америка яхудий мамлекет Европанын колдоосу менен азыркы шайлоо жылында абдан умтулуп жаткан бул согуштун талабы жакындашкан сайын Иранга жаза-чара колдонуунун өзү жетиштүү деген пикирди катуу баса белгилөөдө. АКШ өткөн жылдын соңунда күтүлгөн чабуулдун убагы жылдын аягына туура келери жөнүндө маалымат тараганда колундагы мүмкүнчүлүктү жоготтуу көрүнөт. «al.mashhad.com» сайтында 2011-жылы 10-ноябрда мындай кабар таркалды: «Британия тышкы иштер министрлигиндеги ысымы айтылбаган бир жооптуунун маалым кылышынча, Израиль соккусу рождество майрамы кирип келиши менен же 2012-жылдын алдында болору тууарасында Британия министрлерине билдирилген». Ушуга карабастан, европалыктар жана яхудий мамлекет Америкадагы шайлоо жылынан пайдаланып Америка жетекчилигинде «карталарды» чаташтырып жиберүүгө дагы көп жолу урунушу ыктымалдан алыс эмес. Америка алардын убакыттан пайдаланып калуусу жол бербөө жана кылдаттык менен иш

тизгинин өз колунда кармап калышы да күтүлгөн иш. Ошондуктан, Европа яхудий мамлекеттин шайлоо жылында Иранга аскерий чабуул жасашын канчалык колдоп, Обама яхудийлердин добушун алууда кыйын абалга салып коюуга урунган сайын, Обама жаза-чараларды канчалык күчөтүп, яхудийлерге пайдалуу чечим – Иранга аскерий чабуул жасоо эмес, тескерисинче, жаза-чара экендигин түшүндүрмөкчү болуп жатат! Обама яхудийлердин добушуна ээ болуу үчүн жаза-чараларды күчөтүү менен яхудийлердин кызыкчылыктары үчүн аракет кылып жатканын түшүндүрмөкчү болуп жатат.

9 – Эми, Ирандын «Эгер, Булуң мамлекеттери Европанын Иран нефтисин импорт кылбоо жөнүндөгү жаза-чараларынын натыйжасында жүзөгө келе турган жетишпестиктин ордун толтура турган болушса, жоопкерчилик ушул Булуң мамлекеттеринин мойнуна түшөт» деген эскертүүсүнө келсек, бул билдирүү нефть базарында кескиндикти жаратуу үчүн Хурмуз кысыгын тосуп коюу жөнүндөгү билдирүүлөр алкагындагы билдирүү болот. Себеби, мына ошондо баалар көтөрүлөт жана бул, Европага таасир кылат. Айрыкча, Европа азыр экономикалык кризисте турган соң, бул, ага таасир кылат... Натыйжада, Европа яхудий мамлекеттин Иранга каршы аскерий аракетин колдоону уланта албайт.

10 – Эми, Обаманын ирандык жооптууларга жолдогон нотасына келсек, нотанын мазмуну белгилүү болбосо да, бирок, бул нота Америка тарабынан Иранды кескин абалды жумшартуу жөнүндөгү «эскертүү» талабы болушу ыктымалдан алыс эмес. Бул Хурмуз кысыгын тосуп коюу туурасындагы билдирүүлөр аркылуу болобу же нефть жеткирип берүүдөгү жетишпестик ордун толтуруу акыбеттеринин жоопкерчилигин мойнуна жүктөлүшүндө Булуң мамлекеттерине коркунуч туудуруучу билдирүүлөр аркылуу болобу, мунун айырмасы жок. Максат, европалыктар жана яхудийлер ушул шайлоо жылында Иранга каршы аскерий кийлигишүү үчүн пайдаланып калышына үндөп жаткан карамүртөздүктү азайтуу. Соңку

күндөрдө Кошмо Штаттар жана Иран айрым бир кадамдарды таштаганын туюнткан белгилер көрүнүп калды. Бул кадамдар Иран менен Америка ортосундагы кескиндикти басаңдатат. Мисалы, Иран ушул айда БУУнун ядролук куралдар тармагындагы (МАГАТЭ) инспекторлорун кабыл алууга ыраазы болду. Ал эми, Вашингтон ушул региондо ирандык деңизчилерди эки жолу куткарып калды» («Уолл Стрит Жорнал» гезити, 2012-жыл, 14-январь).

11 – Булуң региону, андагы өлкөлөр, суулар, Хурмуз кысыгы Америка коопсуздугунун бир бөлүгү жана анын турмуштук, стратегиялык кызыкчылыктарынын бир маанилүү бөлүгү болуп калганы дилге оор өтө ызаланткан иш. Негизи, Булуң региону – нукура Исламий регион. «Араб» булуңу же «Перс» булуңу деп аталып жаткан бул булуң о.э. Умман (Оман) булуңу Хурмуз кысыгы сыяктуу исламий болуп саналат. Мусулмандар бул региондордун баарын португалиялыктардан тартып голланддар, французлар, англистер...ге чейинки европалыктардын баскынчылыгынан коргошкон. Эми, америкалыктар келип, бул региондорго өз үстөмдүгүн бекемдөөгө жана байлыктарын талап, ташып кетүүгө аракет кылышууда.

Бул эл аралык күрөштө региондогу акимдердин жүгүртөк курал болуп кызмат кылып жатышканы андан да жанды кейитет. Бул жүгүртөктөр ушул күрөштүн максатына жетүүнү жеңилдетүүдө. Ушуга карабастан, Аллахтын уруксаты менен бул узакка созулбайт, бул Үммөт о.э. Булуң региону да ойгонот. Мына ошондо Үммөт бир мамлекетте, рошид Халифалыкта бир үммөт болуп биригет. Халифалык ушул капыр мамлекеттердин мусулман өлкөлөрүнө созулган чеңгелдерин кесип таштайт. Эртеңки күн күтүүчү үчүн жакын.

**Тыянак:** Европа, өзгөчө, англистер менен яхудий мамлекет Ирандын ядродук имараттарына аскерий сокку берүүдө Обаманын шайлоо жарышынан пайдаланып калышмакчы. Себеби, бул жылы Америкада президенттик шайлоо өтөт. Мында, эгер Обама бул аскерий соккуга каршы

чыга турган болсо, анда, ал кыйын абалга түшүп калат. Себеби, Обама яхудийлердин добушуна муктаж.

Обама үчүн Иран маанилүү. Ошондуктан, ал Иранга аскерий сокку берилишин каалабайт. Эгер, Иран Хурмуз кысыгы үчүн Америка тарабынан сызылган «кызыл сызыктардан» өтүп кетсе гана ага сокку берилиши мүмкүн. Муну коргоо министри Леон Панетта 2012-жылы 8-январда ачык айткан. Ошол эле учурда, Обама үчүн яхудий мамлекет да маанилүү. Анткени, Обама яхудийлердин добушунан куру жалак калууну каалабайт. Ошондуктан, ал жаза-чаралар Иран яхудий мамлекетти тынчсыздантып жаткан ядро куралына ээ болушуна жол бербөөнүн эң жакшы жолу деп көрсөтүүгө жана аскерий сокку пайда бербейт, тескерисинче, бүткүл регионго зыян алып келет, бул болсо, Америка жана Батыш кызыкчылыктарына таасир кылат деп уктурууга урунууда.

Ушуга ылайык, демек, Обама аскерий кийлигишүү жакындашкан сайын этибарды жаза-чараларды күчөтүүгө каратууда. Ал тургай, бул жаза-чараларды колдонууну Ирандын борбордук банкына чейин жеткирип, Ирандын ядролук куралга ээ болуу үчүн жасап жаткан аракеттерине каршы күчтүү курал аскерий аракет эмес, мына ушул жазалар деп баса белгилөөдө. Ошондуктан, бул маселени Америкадагы шайлоо жылында кабыл алуу жана четке кагуу уланышы күтүлөт: Европа менен яхудий мамлекет Ирандын ядролук имараттарына аскерий чабуул жасоо үчүн учурдан пайдаланып калууга абдан урунуп жатышкан болсо, Америка жаза-чаралар жана аларды күчөйтүү пайдалуу чечим деп көрсөтүп, аскерий кийлигишүүгө жол бербөөгө жан үрөп аракет кылууда ж.б.у.с..

Ал эми, Обаманын Иранга жолдогон нотасы – бул нотанын мазмуну маалым болбосо да – бирок, ал Ирандын Хурмуз Булуңун тосуп коюу жөнүндөгү билдирүүлөрү жана Булуң мамлекеттерине коркутуп жаткан билдирүүлөрүнүн натыйжасында жүзөгө келген кескиндикти басаңдатуу

үчүн Иранга жолдогон «эскертүү» талабы болушу божомолдон алыс эмес. Максат, аскерий аракетти актаган ар кандай аргументти жоюу.

Батыш мамлекеттеринин исламий регионубуз үстүндө күрөшүп жатканы жана бул региондо өздөрү менен жанаша турган жүгүртөк куралдарды таап жатышканы өкүнүчтүү. Пакиза исламий өлкөлөрүбүзгө созулган чеңгелдерди кесип таштай турган рошид Халифалык мамлекетти тикелөөнүн ордуна бул жүгүртөктөр Батышка мына ушинтип кызмат кылышууда. Ушуга карабастан, бул караңгылык жана бул залимдер алыска барбайт. Анткени, Ислам Аллахтын уруксаты менен кадам таштап кирип келүүдө, Халифалык кирип келүүдө.

***«Албетте, силер анын кабарын*** *(бир аз)* ***убактан соң билип аласыңар»*** [38

## Американын Иран ядролук программасына карата чыныгы мамилеси кандай?

**Суроо:** *Америка саясатына карата Ирандын реалдуу абалы эмнеден турат? Башкача айтканда Ирандын бул региондогу окуялар боюнча Америкадан көз карандысыз долбоору барбы? Ирандын бул региондо өз рисалатын т.а. жаъфарий мазхабды жаюу милдети бар деп айтышыбыз мүмкүнбү? Акыркысы, Американын Иран ядролук программасына карата чыныгы мамилеси кандай?*

**Жооп:** Буларга жооп берүү үчүн Иран режиминин вакиъсин, Иранда революция жүз берип республика жарыя кылынгандан бери бул режим жүргүзүп келе жаткан саясатты жана булардын баарысынын Америка менен болгон байланышын карап чыгышыбызга туура келет:

1 – Американын Иран революциясында роль ойногону башынан эле анык болчу. Себеби, Хумайний Францияда «Neauphle-le-Château»до болгон кезинде ага Ак үй өкүлдөрү келип, Хумайний Америка менен кызматташтык кылуу туурасында келишим түзгөн. Бул жөнүндө жана ал жерде болгон

жолугушуулар жөнүндө ошол убакта Америка гезиттери жазган… Муну кийинчерээк, анығы 2000-жылы 1-декабрда Иран республикасынын биринчи президенти Абу Хасан Бану Садр «ал-Жазира» телеканалы менен болгон маекте маалымдап, Ак үй өкүлдөрү Франциядагы Хумайний турган «Neauphle-le-Château»го келишкенин, аларды Яздий, Базарган, Мусавий, Ардибайлий күтүп алышканын айткан… Ал жерде эки тарап ортосунда көп жолугушуулар болуп өткөн. Алардын эң белгилүүсү Париж четинде өткөрүлгөн октябрь жолугушуусу. Анда Рейган жана Буш тобу менен Хумайний тобу ортосунда келишимдерге кол коюлган. Хумайний Америка менен кызматташтык кылууга даяр экенин айткан, бул үчүн Американын Иран ички иштерине аралашпашын шарт кылып койгон. Ошондон кийин Хумайний 1979-жылы 1-февралда француз самолётунда Иранга кайтты, бул самолёт Тегеранга конду. Америка Шахпурга басым өткөрүп, аны Хумайнийге бийликти өз ыктыяры менен тапшырууга мажбур кылды жана Иран армиясынын командачыларын коркутуп, эгер алар Хумайнийге тоскоолдук кыла турган болсо акыбети жаман болушу жөнүндө эскертти. Ошондон кийин Хумайний муршидге т.а. акимге айланды жана башка Исламий өлкөлөрдөгү конституцияларга окшогон капиталисттик Батыш түзүмдөрүнө ылайык конституция даярдалды. Иран конституциясында Батыш конституцияларына окшош жактар бар. Мисалы, республикалык башкаруу, министрликтердин бөлүштүрүлүшү, парламент иши, бийлик бутактарынын бөлүнүшү, алардын укуктары, булардын баары капиталисттик түзүмдөргө ылайык келет. Ал эми, бул конституцияда көрсөтүлгөн «Ирандын расмий дини – Ислам жана иснаашарий жаъфарий мазхаб» деген сөздөрүнө келсек, бул, Исламий өлкөлөрдөгү көптөгөн конституцияларда орун алган сөздөр болуп, алар мамлекеттин Ислам негизине курулганын же анын рисалаты Ислам экенин түшүндүрбөйт. Тескерисинче, алар болгону ырасымдарга, айт-майрамдарга, адамдарга карата алардын итикаддары жана ибадаттары туурасында кандай иш тутуу керектигине жана алардын

турмушундагы кээ бир иштерге тиешелүү сөздөр гана. Иран конституциясында бул дин же бул мазхаб мамлекеттин рисалаты же тышкы саясаттан көздөлгөн максаты деп көрсөтүлбөгөн. Белгилүү болгондой, Ирандын тышкы саясаты мекенчил жана улуттук саясатка негизделген. Бул саясат азыркы эл аралык системага ылайык абалда жүрөт. Бул саясат капитализм түзүмү негизине курулган эл аралык жана регионалдык уюмдарга мүчө болуудан турат. Буга мисал кылып Ирандын БУУга жана Исламий кызматташтык уюмуна мүчө экендигин келтирүү мүмкүн. Ирандын эч бир эл аралык алакалары Ислам негизине курулбаган. Демек, Иран мамлекетинин Исламдан келип чыккан өзүнө таандык рисалаты же белгилүү бир долбоору бар экени байкалбайт, тескерисинче Иран режиминин вакиъси улуттук жана мекенчилдик түстө экендиги күзөтүлөт. Бул түс Иран саясатын чагылдырып турат. Бул саясат режимди, мамлекет түзүмүн жана анын жерлерин сактап калуудан турат. Биз революциянын башында Хумайний менен байланышып ага Америка менен кызматташтык кылбашы жөнүндө насаат кылган элек, Исламий конституцияны жарыя кылышы жөнүндө насаат кылып бул конституцияны ага баян кылганбыз жана муну ага өзүбүз жиберген катта баса белгилеген элек. Ошол катта Иран конституциясы Исламга тескери экенин кеңири баян кылганбыз. Бирок, Хумайний бул насаатты кабыл албады жана Исламга тескери болгон конституцияга амал кылууну, капиталисттик Батыш өлчөөсүндөгү республикалык түзүм боюнча иш жүргүзүүнү уланта берди.

2 – Режимдин расмий мазхабы катары белгиленген мазхаб маселесине келсек, Иран аны көтөрүп чыга турган бир рисалат жана долбоор катары белгилебеди. Иран өз түзүмүн бул мазхаб негизине курбады жана өз конституциясын ушул мазхаб негизинде иштеп чыкпады. Иран конституциясындагы беренелер бул мазхабдан алынбаган, тескерисинче, башкаруу түзүмүнө, тышкы саясатка, армия жана коопсуздук күчтөрүнө тиешелүү негизги беренелер капитализм түзүмүнөн алынган. Ошондуктан,

Иран режими Саудия режимине окшойт. Себеби, Саудия режими да Хижаз өлкөсүндө жана Наждда кеңири жайылган ханбалий мазхабынан өз кызыкчылыктарына жетишүү жолунда чүмбөт катары пайдаланып келүүдө. Бирок, Иран мазхабчылыктан өзүнө тарапкерлерди же өзү менен кызматташтык кылууга даяр кимселерди арттыруу үчүн да пайдаланып, мындай кимселердин арасында тарапкечтик, мазхабчылык отун алоолонтууда. Муну менен Иран аларды жаъфарий мазхабга же шиалыкка кызмат кылуу жолунда эмес, өзүнүн мекенчил, улуттук кызыкчылыктары жолунда ишке салышы оңой блот. Буга далил ушул, Иран өзүнүн улуттук кызыкчылыктары талап кылса гана шиаларга же жаъфарий мазхабга жардам берет, болбосо жардам бербейт. Эгер, илманийлик анын кызыкчылыктарына кызмат кылса Исламды, шиалыкты жана мазхабды четке ыргытат. Ошондуктан, Иран Ирак режимин жана Сирия режимин колдоп-кубаттоодо. Негизи, бул режимдер илманий жана Америкага көз каранды режимдер. Саудия Арабстанынын чыгыш региондорунда негизинен шиалар жашап жатканы үчүн жана бул региондордо нефть талаалары бар экени үчүн Иран бир нече учурларда ал жерлердеги интифазаларды Саудияны алсыратуу үчүн колдоп-кубаттады. Иран Бахрейнде да ушуга окшогон саясатты ишке салды. Бул болсо, Саудияны Бахрейнге өз күчтөрүн жиберүүгө мажбур кылды…

Эгер, мазхабчылык Ирандын улуттук кызыкчылыктарына тескери келип калса, мазхабга көңүл буруп отурбайт. Мисалы, Азербайжан 1989-жылдын аягында Советтер Союзунун чеңгелинен азат болмокчу болду, адамдар Иран менен биригүү үчүн Иран менен Азербайжан чектешкен чегараларды бузушту. Ошондуктан, 1990-жылдын башында азербайжандар Бакуга кирип келген орус баскынчылары тарабынан кыргын кылынды. Орустар ал жерде өздөрүнө баш ийбеген бир режим пайда болушуна жол бербөө үчүн жана өздөрүнүн эски коммунисттерден турган малайларын бийликке алып келүү үчүн ушул кыргынды ишке ашырышты. Ошондой болсо да Иран Азербайжан калкына бул орус чабуулуна каршы турууда жардам бербеди. Акыйкатта

болсо, ал жердеги орустардын зулумунан жана коммунисттердин чеңгелинен азат болмокчу болушкан мусулмандардын акы-укуктары тебеленген эле. Белгилүү болгондой, Азербайжан калкынын чоң бөлүгү Иран расмий мазхабына баш ийген мусулмандар. Ошого карабастан, Иран Азербайжанга армяндар менен каршы турууда да жардам бербеди. Орустар армяндарга 1994-жылы Азербайжандын 20% жерин басып алышында жардам беришти, армяндар миллиондон көз азербайжанды өз жерлеринен көчүп кетүүгө мажбур кылышты. Бул каргашалуу абал дагы эле токтобой келе жатат. Бул да жетпегендей Иран Азербайжан зыянына Армения менен болгон алакаларын дагы да өнүктүрдү! Иран муну менен эле чектелбеди, Ливандагы Мишел Авн агымы, Набих Берри кыймылы жана башка илманий кыймылдар сыяктуу Исламга эч бир тиешеси болбогон агымдарды да колдоп-кубаттады. Акыйкатта болсо, бул агымдар Американы ээрчип жүргөн кыймылдар.

3 – Иран бул региондо ишке ашырган бардык саясий иштер Америка долбоорлоруна ылайык жана шайкеш ишке ашырылды:

а) Мисалы, Ливанда Иран өз мазхабынын тарапкерлеринен өзүнүн хизбин түздү жана аны куралдантты. Натыйжада, бул хизб Ливанда Ливан армиясынан бөлөк бир атайын армияга айланып калды. Ливан режими бул хизбди жана анын куралданышын моюнга алды. Белгилүү болгондой, Ливан режими илманий режим болуп, ал Америка саясатына баш ийет. Ливан режими бул хизбден башка хизбдердин курал көтөрүп жүрүшүнө уруксат бербеди жана башка тан албады. Ливандагы Иран хизби Америкага көз каранды болгон Сирия режимин кудум Иран сыяктуу колдоп-кубаттады. Америка Ливан режими Иран хизбинин Сирияга Башар Асаддын илманий режимин колдоо үчүн аралашуусуна уруксат беришине тоскоолдук кылбады. Тескерисинче, Американын тымызын ыраазылыгы менен болду. Америка бул хизбдин Сирияга Ливан армиясынын тоскоолдугусуз аралашуусуна тымызын ыраазылык берди.

б) Америка Иракты басып алганда каршылыкка туш келди. Америка муну күтпөгөн эле. Ошондуктан, Америка Иранды Иракка – ал жердеги анын мазхабына ээрчигендерге таасир өткөрүп, баскынчыга каршы аракет кылышына жол бербөө үчүн – киргизди. Ирандын Америкага жасаган кызматты ушуну менен гана чектелип калбады, ал өз мазхабынын ээрчүүчүлөрүн каршылык кыймылына каршы тура турган, баскынчыга о.э. бул баскынчы Иракта орноткон режимге мыйзамдуу түс бере турган кимселерге да айлантты. Айрыкча, 2005-жылдан кийин ушундай болду. Ошол жылы Америка Иранды колдоочу партиялар коалициясынын бийликке келишине жол ачып берди. Ибрахим Жаъфарий башчылыгындагы, кийин болсо Маликий башчылыгындагы өкмөт бийлик башына келди. Бул өкмөттөр Америка тарабынан түзүлгөн жана Америкага көз каранды өкмөттөр. Иран колдоп жаткан Маликий өкмөтү баскынчы Америка Ирактан расмий түрдө чыгып кеткенден кийин да Америка тасирин сактап калуу үчүн Америка менен коопсуздук жана стратегиялык келишимдерге кол койду. Бул болсо Америка Ирандын аткарып жаткан ролунан ыраазы экенине далалат кылат. Иран жооптуулары Америкага Иракты басып алышында жана Иракта Америка таасирин бекемдөөнү камсыздоодо жардам беришкенин моюнга алышты. Иран Иракта Америка бул өлкөнү басып алгандан кийин эле өз элчилигин ачты. Жаъфарий шайланышы менен эле ошол убактагы Иран тышкы иштер министри Камал Харразий 2005-жылы Багдадга келди. Акыйкатта болсо, ал убакта баскынчылык чокусуна чыккан эле. Америка да, Иран да баскынчыга каршы алып барылып жаткан каршылык кыймылынын аракеттерин «Иракта терроризмди каралоо» деген шылтоо астында каралап чыкты. Жаъфарий Иранга барып бир нече чалгындоо маалыматтары менен айырбаштоо келишимдерине, анын катарында, чегара өтүү жолдорун көзөмөлдөө жана коопсуздугун бекемдөө, Басраны Иран электр тармагына байлоо, Басра меен Абадан ортосунда нефть түтүктөрүн жаткырууга тиешелүү эки мамлекет разведкалары ортосундагы кызматташтык

келишимдерине кол койду. Иран президенти Нажад болсо 2008-жылдын башында Иракка келди. Анын бул сапары түздөн-түз баскынчынын найзалары астында өттү. Көбүнчө Ахмади Нажад өзүнүн Америкага жана яхудий мамлекетине каршы кеп-сөздөрү менен ызы-чуу көтөрүп келген болсо да, бирок, булар курулай кеп-сөз болуудан ары өтпөдү. Ошол эле учурда, Нажад Иран президенттери арасында Америка сызган сызык бойлоп аракет кылууга эң жакын турган президент болду, муну Нажаддын Америка баскынчылыгы астындагы Иракка жасаган сапарларынан күзөтүү мүмкүн. Нажад президенттик мансабын четтешинен эки апта мурун дагы Иракка барып Америкага көз каранды болгон жана Ирактагы Америка таасирин коргоп келе жаткан Маликий режимин колдоп-кубатташын дагы бир ирет баса белгиледи. Нажад 2010-жылы Америка баскынчылыгы астында эзилип жаткан Афганистанга сапар жасады жана баскынчы Американын кызматкери Карзай режимине колдоо көрсөттү.

в) Иран Йеменде да ушундай аракет кылды. Себеби, ал жерде хувсийлер жамаатын өзүнө оодуруп, аларды куралдантты. Хувсийлер англистер малайы Али Салих режимине каршы көтөрүлүштү. Иран Йемендеги Американын башка малайлары – сепаратисттерден турган түштүк илманий кыймылдын жетекчилерин да колдоп келүүдө. Мындан максат Йемен түштүгүндө Америкага малай болгон бир илманий режимди пайда кылуу.

г) Ирандын Сирия режими менен болгон алакасына келсек, бул алака эски алака болуп, ал өткөн кылымдын сексенинчи жылдарынын башында жалындаган биринчи интифазадан бери уланып келүүдө. Ошол убакта Иран Сирия режими Сирия калкы болгон мусулмандарды репрессия кылышын колдоп-кубаттады. Мындан Сирия режимин Асад үй-бүлөсү башчылыгындагы бул режимди колдоп жаткан Америка долбоору алкагында сактап калуу көздөлгөн. Акыйкатта болсо, Иран бул режимдин улутчул, баасчы илманий режим экенин, согуш алып барган Саддам режиминин эгизи

экенин, Исламга эч кандай алакасы жок экенин, тескерисинче, Ислам жана анын калкына каршы согуш алып барып жаткан режим экенин жакшы билген. Иран бул режимдин Америкага көз каранды экенин абдан жакшы түшүнөт эле. Ошого карабастан, Иран мусулмандардын акы-укуктарын коргободу, тескерисинче, мусулмандарга каршы күрөш алып барды, кылмышкер куфр режимине жардам берди жана дагы эле ушундай кылып келүүдө. Иран режими Сирия жетекчилиги менен бекем алакаларды сактап келүүдө. Бул алакалар аскерий, экономикалык жана саясий алакаларды өз ичине камтыйт. Иран Асад режимин колдоп-кубаттоо үчүн ага көптөгөн курал-жарактарды жеткирип берди, Сирияда энергия запастары жоктугун эсепке алып бул режимге төмөн бааларда нефть жана газды жеткирип берди. Асад режими кулоого жакын турганда Ирандын Сирия интифазасына аралашуусунда өзгөчө саясий алакаларын күзөтүү мүмкүн. Ошондуктан, эгер Иран Ыңкылап Сакчылары Күчтөрүн, Иран хизби күчтөрүн жана Иранга көз каранды Маликийдин куралдуу топторун жиберүү аркылуу аралашпаганда Башар жана анын режими албетте кулаган болот эле. Кусайр жана Химстеги кыргындар, бүгүн болсо Гута жана башка жайлардагы химиялык кыргындар мына ушул аралашууга күбөлүк берүүчү далилдер.

д) Афганистанда да Иран баскынчы Американы колдоп-кубаттады. Америкага кызмат кылуу үчүн Америка иштеп чыккан конституцияны жана Карзай башчылыгында түзүлгөн өкмөттү колдоп-кубаттады. Америка Талибанды жеңе албаганда Иран мамлекеттин түндүгүндө коопсуздугун камсыздоону өз мойнуна алды. Ошондуктан Иран республикасынын мурунку президенти Рафсанжаний: «Эгер биздин күчтөрүбүз Талибанга каршы согушта жардам бербегенде америкалыктар афган баткагына албетте батышмак», - деген. (Шаркул Авсат гезити, 2002-жыл, 9-февраль). Ирандын мурунку президенти Хатамийдин укуктук жана парламент иштери боюнча орун басары Мухаммад Али Абтахий болсо 2004-жылы 13-январда Эмирликтердин Абу Даби шаарында өткөрүлгөн «Булуң жана келечектеги

коркунучтар» конференциясында ушуларды айткан: «Эгер, Иран жардам бербегенде Кабул жана Багдад мынчалык оңой кулабайт эле. Биз мунун акысына «сыйлыкка» ээ болдук жана бизди карасанатайлык огуна кошушту!» (Ислам онлайн.нет, 2004-жыл, 13-январь). Президент Ахмади Нажад да дал ушул сөздөрдү БУУ жыйынына катышуу үчүн Нью-Йоркко барганда, 2008-жылы 26-сентябрда «Нью-Йорк таймс» гезити менен болгон маекте айтып мындай деген: «Иран Афганистанда Кошмо Штаттарга жардам колун созду, мунун натыйжасы болсо Америка президенти бизге каршы түздөн-түз аскерий чабуул кылуу жөнүндө коркутууларды жолдоду. Биздин мамлекетибиз Иракка тынчтык жана туруктуулукту орнотууда да Америкага жардам көрсөттү».

4 – Эми, Иран ядролук программасы маселесине келсек, бул маселе көп жылдардан бери бир орундан жыдбай келүүдө. Яхудий мамлекети ушул жылдар аралыгында Европанын колдоп-кубаттоосу жана тукуруусу менен бул программага сокку бериши тууррасында көп жолу коркуткан болсо да, бирок, Америка яхудий мамлекетинин бул коркутуусуна каршы туруп, муну ишке ашырышына тоскоолдук кылды. Америка бүгүнкү күнгө чейин яхудий мамлекетинин бул максатына тоскоолдук кылып келүүдө… Мисалы, Америка башкы штаб башчысы генерал Мартин Демпси 2013-жылы 12-августта ушул максатта яхудий мамлекетине келди. Кувейттин «Куна» маалымат агенттиги 2013-жылы 12-августта яхудий мамлекети армиясынын радиосунун төмөндөгү сөздөрүн келтирди: «Демпсинин бул сапары Америка аскерий аба күчтөрүнүн командачысы Марк Уэлштин Израилге жасаган дал ушуга окшош бир апталык сапарынан бир нече күн кийинкиге туура келүүдө, эки тарап бул сапарда сүйлөшүүлөр табияты жөнүндө сүйлөп берүүдөн бүтүндөй баш тарты, Уэлштин сапары Америка тарабынын талабы менен жашыруун бойдон калды, бул абал региондо кескиндик күчөгөн шартта жана Израилдин Иранга сокку берүү тууррасындагы коркунучтары артынан жүз берүүдө». «Куна» маалымат агенттиги ушуларды кошумча кылды:

«Талдоочулардын эсептешинче, Америка армиясынын командачысы израилдиктерди Иранга каршы жакынкы келечекте драматикалык чечимдерди кабыл алууну токтотуу зарылдыгына, Хасан Руханий Иран президенти болуп тикеленгенден кийин дипломатияга убакыт берүү зарыл экендигине ишендирүүгө урунуп көрөт». Америка яхудий мамлекети Саддам доорунда (1981-жылы) курулган Ирак ядролук реакторлоруна сокку беришине жол берген. Бирок, Америка яхудий мамлекетин уранды байытуу башталып, байытуу көрсөткүчү 20%га жеткен Ирандын ядролук реакторлоруна сокку берүүдөн тыйды. Бул болсо Иран режимин сактап калуу Америка кызыкчылыктарына кызмат кылышына далалат кылат. Себеби, Иран режими бул региондо Америка кызыкчылыктары үчүн аракет кылууда. Америка Булуң мамлекеттериндеги таасирин бекемдөө үчүн Иран режимин ушул мамлекеттерди коркута турган бир «мокочо» бойдон калтырууну каалайт. Америка бул режимди Исламий дүйнөдөгү өзүнүн таасирин сактап калууга кызмат кылдырууга аракет кылууда.

Бир аз артка кайта турган болсок, ядролук программа боюнча сүйлөшүүлөр 2003-жылы башталгандан бери төмөнкүдөй нукта экенине күбө болобуз: Америка Иран ядролук имараттарына каршы эч кандай иш жүзүндө чаралар колдонбостон жалаң санкцияларды колдонууга жан үрөп Европа Союзунун пландарын жокко чыгарып, яхудий мамлекетинин ачуусун келтирди. Ар сапар сүйлөшүүлөрдө Америка бул маселенин чечими катары кошумча санкцияларды сунуш кылып, ар кандай аскерий иш-чарага каршы турду. Америка «Израилди» тынчтандыруу үчүн бир нече жолу аралашты. Демек, Америка Иран режими кулабай турушун жана ядролук маселе ядролук бомбага ээ болуу даражасына жетпестен, ошол эле учурда, бул маселе толук чечилбестен тынчсыздануу жарата беришин каалайт. Жогоруда айтып өткөнүбүздөй, Америка бул маселе Булуң мамлекеттерин коркууга салуучу бир «мокочо» болуп кала беришин каалайт. Себеби, ошондо Америка күчтөрү Булуңда тура беришине о.э. Америка бул маселеден

пайдаланып Түркияда жана Борбордук Европада «Иран ядролук куралына жооп кайтаруу жана андан коргоо» деген шылтоо менен ракетага каршы калкан орнотушуна даяр шылтоо табылат! Кала берсе, бул нерсе коргоо министрлигинин бюджетин көбөйтүүнү актоодо да ыңгайлуу болот.

5 – Эми, Америка менен Иран ортосундагы үстүртөн душмандыкка келсек, муну төмөндөгүдөй түшүнүү мүмкүн:

а) Иранда революциядан мурун жана кийин Америкага каршы чөйрө кескиндешип, коомдук пикири күч алган эле. Коомчулук Американы Иран калкынын башына түшкөн каргашалардан жоопкер деп билип, Американы шахты колдоп-кубаттоодо айыптап, эң чоң шайтан деп атачу. Ошондуктан, Иран акимдери эки тарап ортосунда сүйлөшүүлөр түздөн-түз башталганын жана ошондон кийин дипломатиялык алакалар кайра жолго коюлганын ачык жарыя кыла алышпады. Айрыкча, Америка Хумайний менен Парижде алакалар орноткону, Америка Иран армиясына Хумайний революциясына каршы аралашпоо туурасында басып өткөргөнү… булардын баары сыр болбой калган. Ошондуктан, Иран режимине Америка менен кескиндешүү окуялары керек болуп калды. Себеби, мына ошондо америкалыктар менен диалог столуна олтурууга актоолор табылат эле. Ошондуктан, 1979-жылы 4-октябрдагы Америка элчилигиндегилерди күрөөгө алуу окуясы жана анын артынан Иран менен Америка ортосундагы дипломатиялык алакалардын үзүлүшүнөн көздөлгөн максат Хумайний позициясын күчөтүп, анын каршылаштарына сокку берүү жана эки тарап ортосундагы алакалар акыйкатын жашыруу болгон. Кийинчерээк кээ бир Америка булактары бул окуялар Америка уюштурган бир сахна болгонун айтты. Хасан Бану Садр да ал-Жазира менен болгон сүйлөшүүдө жогорудагы окуяларга ишарат кылып: «Бул окуялар америкалыктар менен келишип, алардын планы негизинде болгон», - деди. Хасан Бану Садр мындан мурун буга Хумайнийди көндүргөнүн да айтып өттү. Эки тарап (т.а. Иран жана Америка) 1981-жылы 20-январда Алжир келишими деп аталган нерсеге кол

койду жана бул келишим боюнча күрөөгө алынгандар азат кылынды. Бул окуя Америка президенти Рейган президенттик мансабына отурган күнү жүз берген. Америка эки тарап бири-бирин урматташы, бири-биринин иштерине аралашпоо жана үчүнчү тарапты өкүл кылуу аркылуу эки мамлекет кызыкчылыктарын сактоо милдетин алуу жөнүндөгү келишим иштелип чыккандан кийин Хумайний башчылыгындагы жаңы режимди тымызын моюнга алды. Ошондон кийин Ирандын тоңдуруп коюлган каражаттарынан жаңы режим талап кылган 12 миллиард доллар кайтарылып берилди.

б) Ирандагы акимдер бул алакаларды кайра жолго коюу үчүн чөйрөнү даярдоого көп убакыттан бери аракет кылып келишти. Муну менен бирге, кудум эки мамлекет ортосундагы бул абалды сактап калуу экөөсүнө пайда бере тургандай эки мамлекет ортосунда жашыруун алакалар жана кызматташтык улана берди, азыр да улануууда. Муну Иран жооптуулары өздөрү маалымдашкан…. Иран тышынан өзүн кудум Америкага душман кылып көрсөтүп, аны менен болуп жаткан мамилелерин жашырууда, Америка колонизаторлук долбоорлору алкагында бара жатканын, мына ушул долбоорлорду ишке ашырууга жардам берүүчү бир фактор болуп калганын жашырууда. Америка да тышынан өзүн кудум Иранга душман кылып, кудум ага каршы аракет кылып жаткандай көрсөтүп европалыктарды жана яхудийлерди тыйып турат, бул региондогу өзүнүн кызыкчылыктарына жетишүү үчүн Америка жана Батыштагы Иранга каршы коомчулукту алдоодо. Республика жарыя кылынгандан кийин мансаптарды ээлеген айрым акимдер ирандыктар тарабынан Америкага малайлыкта айыпталган. Мисалы, республика президенти Бани Садр ушинтип айыпталган. Натыйжада, ал Америка менен алакага каршы турган күчтү агым бар экени үчүн кулатылган. Бирок, республика президенти Рафсанжанийдин Америка менен болгон Иран-гейт жана Иран-контра сыяктуу алакалары ачыкталып калган болсо да ал кулатылбады. Себеби, бул убакка келип тигидей агым жок болуп калган эле. Ошондон бери республиканын бир нече президенттери байма-бай

алмашты, аларды кээде реформаторлор жана муътадилдер деп, кээде болсо консерваторлор жана катуу адамдар деп аталды. Бирок, Иран саясатында эч бир өзгөрүү күзөтүлбөдү. Кээде катуу, кээде болсо жумшак кайрылууларына карабастан, эч бир өзгөрүү күзөтүлбөдү. Кескин билдирүүлөр курулай кеп-сөз болуп кала берди, иш жүзүндөгү аракетке айланбады, ошондуктан, бул кескин кайрылуулар менен аракеттер бири-биринен айырмаланган бойдон кала берди. Американын Иранга карата позициясы да өзгөрбөдү. Кээде Иранды «карасанатайлык огу» мамлекеттеринин тизмесине киргизген республикачылар тарабынан айтылган кескин билдирүүлөргө карабастан жана демократтар тарабынан мелүүн билдирүүлөр айтылганына карабастан Америка Иранга каршы эч кандай кескин жана олуттуу кадамдарды таштабады. Ошондуктан, Ирандын жаңы президенти Руханий өкмөттү түзүп: «Бийлик тышкы саясатта коркунучка жол бербөө жана кескиндиктерди жоюу жолун карманат», - деди. (Рейтер, 2013-жыл, 12-август). Руханий «Мухаммад Жавад Зарифти тышкы иштер министри кызматына тандады, ал Ирандын БУУдагы мурунку өкүлү болуп, Кошмо Штаттарда билим алган, Вашингтон менен Тегеран ортосундагы алакалардын төмөндөшүн жоюуга каратылган жашыруун сүйлөшүүлөрдүн бир нече раундунда негизги катышуучу болгон». (Рейтер, 2013-жыл, 12-август). Руханий шайлангандан кийин дагы да ачык-айкын таризде мындай деди: «Биз Иран менен Кошмо Штаттар ортосунда дагы да кескиндешүү болушун көрүүнү каалабайбыз, бизге даанышмандык ар эки мамлекет келечек жөнүндө көбүрөөк ойлошу керектигин, өтмүштөгү маселелердин чечимдерин табуу үчүн жана ишти кайра оңдоо үчүн диалогго олтуруу зарылдыгын даанышмандык баса белгилөөдө». (Рейтер, 2013-жыл, 17-июнь). Анын бул сөздөрүнө жооп катары Америка президенти Обама мындай деди: «Кошмо Штаттар Ирандын ядролук программасы жаатындагы эл аралык коомчулук тынчсыздануусу менен толук мамиледе боло турган дипломатиялык чечимге жетишүү максатында Иран бийлиги менен түздөн-түз сүйлөшүүлөргө киришүүгө ар дайым даяр». (жогорудагы булак). Бул

болсо, Иран Америка менен жашыруун аракет кылуу баскычына чек коюу жана аны менен ачык-ашкере аракет кылуу баскычын баштоо каалоосунда экенин, бирок, бул баскыч Иранды кудум бул региондо таасирдүү мамлекет кылып көрсөтө турган, ошондуктан, аны бул регион маселелеринде шерик кылуу зарыл деп көрсөтө турган башкача көрүнүштө болушун каалап жатканын түшүндүрөт.

6 – Жогоруда айтып өткөндөрүбүзгө ылайык ушул корутундуга келебиз:

Иран режимдин расмий мазхабы катары белгиленген мазхаб маселесине келсек, Иран аны көтөрүп чыга турган бир рисалат жана долбоор катары белгилебеди. Анткени, Иран өз режимин бул мазхаб негизине курган жок, конституциясын ушул мазхаб негизинде иштеп чыкпады, бул конституциянын беренелери бул мазхабдан алынбады, тескерисинче, башкаруу түзүмүнө, тышкы саясатка, армия жана коопсуздук күчтөрүнө тиешелүү негизги беренелер капитализм түзүмүнөн алынган. Ошондуктан, Иран Саудия режимине окшойт. Себеби, Саудия режими да өзүнүн кызыкчылыктарына жетишүү үчүн Хижаз жана Нажда кеңири жайылган ханбалий мазхабынан бир чүмбөт катары пайдаланууда.

Ирандын тышкы саясаты жөнүндө айта турган болсок, бул саясат Американын ушул региондогу о.э. Чоң Ортоңку Чыгыш жана Исламий өлкөлөрдөгү кызыкчылыктарына ылайык келет. Мисалы, Тегеран баскынчы Американын акыркы он жыл же ушуга жакын убакытта Иран жана Афганистанда орношуп алышында Вашингтонго жардам берди. О.э. Иран өзүнүн Ливандагы хизби аркылуу Ливандагы саясий жараянды түзүп чыкты. Акыркы убактарда Асадды колдоп-кубаттап Американын Сириядагы өкүмдарлыгын сактап калууга жардам берди. Демек, Иран Афганистан, Сирия, Ливан жана Иракта Америка кызыкчылыктарына кызмат кылууга аракет кылууда. Бул региондон тышкары жөнүндө айта турган болсок, Америка Ирандын иш-аракетинен пайдаланып, өзүнүн ракетага каршы

калкан программасын таңуулоого жана Булуң кызматташтык кеңеши мамлекеттерин теңдик негизинде болбогон келишимдерге байлап алууга о.э. Булуң мамлекеттерин Ирандан коркутуп миллиард-миллиард долларларга курал-жарак сатып алууга мажбур кылууга жетишти деп айтуу мүмкүн!

Демек, Иран Америка менен бирге аракет кылууда. Ал өзүнүн бул аракетинин маанисин жакшы түшүнөт, өзүнүн чегин да жакшы билет, ошондуктан, бул чектен чыкпайт. Иран Нажад доорунда болгондой алдап адаштыруу же акыйкатты жашыруу максатында кескин кайрылууларды билдирсе да, бирок, Америка сызып койгон чектен чыкпайт. Нажад доорунда Иран Афганистанда, Ирак жана Сирияда Америкага чоң кызмат кылганы күзөтүлдү. Ошондуктан, Америка Иран режимин өзүнүн кызыкчылыктарына чоң кызмат кыла турган кызматкер деп билет. Ушул себептен улам, Америкадагы чечим чыгаруучу чөйрөлөр бул режимди өзгөртүүнү талап кылуучу себеп бар деп билишпейт. Муну 2008-жылы 12-декабрда Роберт Гейтс Америка менен Иран ортосундагы алакаларга, бул алакалар кайсыл негизде болушу керектигине багышталган Бахрейнде өткөрүлгөн эл аралык коопсуздук конференциясында мындай деп ачык айткан: «Ирандагы режимди өзгөртүүгө эч ким аракет кылып жаткан жок… Биз үчүн маанилүүсү, саясаттар жана иш жүргүзүүлөрдө өзгөрүү болушу, ошондо Иран туруксуздук жана зомбулук булагы болуунун ордуна региондогу мамлекеттердин жакшы кошунасына айланат».

**16-шаввал, 1434-х.**

**21-август, 2013-м.**

## Иран ядролук программасы жөнүндөгү келишим

**Суроо:** *2013-жылы 24-ноябрда Иран менен «5+1» тобу ортосунда ядролук программа жөнүндөгү келишимге кол коюлгандан тартып бул келишим туурасында байма-бай эл аралык жана регионалдык позициялар билдирилди, саясий билдирүүлөр берилди. Бул позициялар жана*

*билдирүүлөрдө аралаш жана бири-бирине тескери көз караштар көрүнүп турат… Мисалы, Иран бул окуяны өзү үчүн бир жеңиш жана уранды байытуу укугу эл аралык майданда моюнга алынды деп эсептеп жаткан болсо, Америка бул келишимде Ирандын уранды байытуу укугу моюнга алынганын четке кагууда жана бул келишим яхудий мамлекетинин коопсуздугун дагы да көбүрөөк бекемдешин о.э. Ирандын ядролук мамлекетке айланышына жол бербөөгө алып келишин айтууда. Яхудий мамлекети болсо бул келишимди жаман жана бир тарыхий каталык деп эсептөөдө… Бул нерсе ушул келишимдин акыйкатын аңдап билишимде – башкаларда да болсо керек – баш аламандыкты жаратты… Ошондуктан, суроо төмөндөгүдөй: бул келишимдин акыйкаты кандай жана ага карата билдирилген позициялар эмнени түшүндүрөт? Бул келишимдин Ирандын региондогу ролуна, мисалы Сирияда болуп жаткан окуялар сыяктуу жараяндарга алакасы барбы? Обама эмне себептен бул келишимди макулдоо жана коргоодо мынчалык кызуу аракет кылып жатат? Мен, ал тургай, саясатчылардын биринин «Обама бул келишимге Ирандан көрө көбүрөөк кызыкдар көрүнөт» деп айтканын уктум. Ушуларды ачыктап берсеңиз. Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.*

**Жооп:** Оболу, бул келишимде жетишилген нерселерди түрдүү маалымат каражаттарында басылып чыккан маалыматтар боюнча карап чыгабыз:

1 – Ирандын бул келишим боюнча алган милдеттери:

а) Иран уранды 5%дан ашкан даражада байытууну токтотуу жана бул көрсөткүчтөн аша турган даражада байытуу үчүн зарыл болгон техникалык элементтерди бузуу милдетин алды. Иран өзүнүн 20% байытылган уран запасын 5%дан төмөн даражага чейин азайтуу же аны башка эч кандай байытуу процессине ылайык келбей турган түргө өзгөртүү милдетин алды… Иран өзүнүн уран запасын көбөйтүүгө тиешелүү ар кандай алга жылууну 3,5% көрсөткүчтө токтотуу милдетин да алды. Мында ушул келишимде айтылган алты айдын аягында бул көлөм башталышындагы

даражадан ашпайт жана уранды 3,5%да байытуудан ашыкча боло турган ар кандай көлөм оксидге айлантылат.

б) Иран ар кандай байытууну илгерилетип күчөтүүнү токтотуу, ар кандай түрдөгү кошумча центрифугаларды орнотпоо жана уранды байытуу үчүн жаңы муундагы ар кандай центрифугаларды орнотпоо жана колдонбоо милдетин алды. Натанзда орнотулган центрифугалардын жарымын жана Фордодо орнотулган центрифугалардын төрттөн үчүн иштен чыгаруу милдетин алды. Ошондо, уранды байытууда бул центрифугалардан пайдалануу мүмкүн болбой калат. Иран центрифугаларды иштеп чыгарууну кыскартып, зарыл болгон техникалык жабдууларга чектелүү милдетин да алды, колдон чыгарып зыян көрө турган техникалык жабдуулардын ордун толтуруу үчүн зарыл болгон техникалык жабдууларга гана чектеле турган болду. Натыйжада, Иран алты ай ичинде кошумча центрифугаларды сактап туруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болбой калат.

в) Иран Арак реакторун ишке түшүрбөө, плутонийди бөлүп алуудагы өнүгүүнү токтотуу, ал үчүн ар кандай кошумча компоненттерди түзбөө, ага эч кандай жанылгы же оор сууну өткөрбөө милдеттерин алды. Келишимде колдонулуп бүткөн жанылгыдан плутонийди бөлүп алууга тыюу салуу, узак убакыт ичинде Арак реактору жөнүндө зарыл маалыматтарды берүү да көрсөтүлгөн. Бул болсо, ушул реактор жөнүндө мурун мүмкүн болбогон маанилүү жана кеңири маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгүн берет.

г) Инспекторлордун Арак реакторуна кириши үчүн дагы да көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү берүү, Ирандын Эл аралык атом агенттиги менен түзгөн кепилдиктерди берүү келишиминин кошумча протоколу боюнча талап кылынган маанилүү маалыматтарды берүү. Иран Атом агенттиги инспекторлорунун «Натанз» жана «Фордо» реакторуна дээрлик ар күнү киришине уруксат берүү милдетин да алды, бул инспекторлор ушул эки реактордо байытуу жөнүндөгү нерселер туурасында толук көзөмөлдөө камераларын карап чыгышына уруксат берилет… Иран Эл аралык атом

агенттиги центрифугалар менен таанышып чыгышына, уран кендерине жана уранды кайра иштетүү станцияларына киришине жол берүү милдетин да алды.

д) Иран келишимдин аткарылышы көзөмөлдөнүшү үчүн жана жаралышы мүмкүн болгон ар кандай проблеманы чечүү үчүн «5+1» мамлекеттери менен бирге комитет түзүү милдетин да алды. Бул комитет Ирандын ядролук программасы жөнүндөгү мурунку жана азыркы тынчсыздануулларды, алардын катарында, Иран программасынын божомолдогу аскерий көлөмүнө жана Ирандын Парчиндеги аскерий объектидеги иш-аракети жөнүндөгү кабатырларды жөнгө салууда кызматташтык кылууга да аракет кылат.

2 – Ирандын ушул келишим боюнча жетишкен нерселери:

а) Иран тышкы иштер министри Мухаммад Жавад Зариф анын мамлекети уранды байытууну алты ай мөөнөткө 20% даражага чейин токтотуп турушун, ушуну менен бирге байытуу программасынын башка бөлүктөрүндө иш улантылышын билдирди. Министр ири күчтөр алты ай ичинде кошумча санкцияларды колдонбоо милдетин алганын, Ирандын нефть-химия жана автомашина өнөр-жайларына, баалуу металлдар соодасы жана камсыздандыруу тармактарына каршы киргизилген санкциялардан тышкары, нефтини сатууга тыюу салуу тармагындагы айрым санкциялар да токтотулушун көрсөтүп өттү.

б) Рейтер агенттиги 2013-жылы 24-ноябрда ачыктаган кабарга ылайык, Ак үй бул убактылуу келишим жөнүндө тараткан документте көрсөтүлүшүнчө, Иранга каршы колдонулган санкциялар ядролук программанын айрым тараптары токтотулушунун акысына жеңилдештирилет. Документте Иран автомашина өнөр жайына жана Иран нефть-химия экспортуна карата колдонулган айрым санкцияларды токтотуу менен Иран алтын жана баалуу металлдар соодасынан 1,5 миллиард долларга жете турган кирешелерге ээ болушу мүмкүндүгү көрсөтүлгөн. О.э. Иран

нефтисин азыркы абдан төмөн даражасында көбүрөөк сатып алууга уруксат берилет жана эгер Иран өз милдеттерин аткара турган болсо, нефтини 4,2 миллиард долларга сатууга уруксат берилет. Ак үйдүн баса белгилешинче, бул келишим Иранга каршы колдонулган санкцияларды соода айырбаштоо формасында 7 миллиард долларга жеңилдештирет.

в) Женевадагы сүйлөшүүлөрдө катышкан делегаттардын айтымында, бул келишим Тегеранга каршы киргизилген санкцияларды соода көрүнүшүндө 7 миллиард долларга жеңилдетүү акысына Иран ядролук программасынын кыскартылышын талап кылат.

3 – Иран муну ийгилик деп кабылдады. Иран алий муршиди (жогорку лидери) Али Хаманаий бул келишимди мактап мындай деди: «Ядролук сүйлөшүүлөрдө катышкан топко бул утуш үчүн ыраазычылык билдирүү керек, бул ийгиликтин себеби Аллахтын колдоосуна, дуба жана калктын колдоп-кубаттоосуна да барып такалат». (Иран «Фарс» агенттиги – 2013-жыл, 25-ноябрь). Руханий 2013-жылы 26-ноябрь Иран телевидениесине интервью берип Иран укуктарынан бир бөлүгү болгон уран байытуу укугу сакталып кала беришин айтты. Ал кошумчалап: «Уранды байытуу бүгүн уланууда жана эртең да уланат, ал эч качан токтоп калбайт, анткени, бул, кызыл сызык», - деди. Ошол интервьюда Иран президенти өз мамлекетинин ядролук программасы тuурасында толук бир келишимге жетишүүгө үмүтү бар экенин билдирди. Ал бул жаатта алыс жолду басып өтүүгө туура келишин, бул жолду калктын көмөгү жана колдоп-кубаттоосу менен гана басып өтүү мүмкүн экенин айтты. Иран тышкы иштер министри Мухаммад Жавад 2013-жылы 25-ноябрда интервью берип өзүнүн мамлекети уранды байытууну улантышын айтып, Тегеран бул жаатта америкалыктар менен сүйлөшүүлөрдү алып барышын кошумчалады.

4 – Бул, чынында эле ийгиликпи? Бул келишимдин шарттарын күзөткөн адам Иран өзүнүн ядролук программасы жаатында чоң жан берүүлөргө барганын жана байытууну токтотуп, 20% байытылган уранды

5%дан да төмөн даражага түшүрүү же аны мурунку абалында калтырбай турган көрүнүшкө айлантуу жөнүндөгү Батыштын каалоосун кабыл алганын көрөт. Иран 5%дан ашык байытпоо жана оор сууларды иштеп чыгара турган реакторлордо иштерин улантпоо милдетин, ядролук курал-жарактар өнөр жайы үчүн зарыл болгон плутонийди иштеп чыгарбоо милдетин, жаңы центрифугаларды орнотпоо милдетин, ядролук объектилер ар дайым эл аралык көзөмөл астында болушу үчүн инспекторлорго ар күнү эшиктерди ачып коюу жана жасалган бардык иштердин тасмаларын жеткирип туруу милдетин алды… Ошондой болгон соң, муну кантип ийгилик деп эсептөө мүмкүн?! Иран жооптуулары бул келишимди ийгилик жана чоң жеңиш деп эсептеши Ирандын жан берүүлөрүн жана Америкага көз каранды экенин жашыруудан башка нерсе эмес. Мындан аларга каршы чыга турган ар кандай үндү бууп, Америка менен ачык-ашкере алакалар орнотууга чөйрө даярдоо көздөлгөн.

Ирандын бул жан берүүлөрү анын көз карандысыз суверенитетке ээ экендиги жана көз карандысыздыгы урматталып жатканы жөнүндө жар салып сөздөрүнө тескери. Болбосо, кантип буга жол бериши мүмкүн? Кантип, өзүн ар дайым көзөмөл астына коюшу мүмкүн? Дал ушундай абал Саддам доорунда Иракта да болгон. Ошондо массалык кыргын куралдарын издөө үчүн баскынчы Американын зомбулугу менен Ирак өзүнүн объектилерин күндөлүк көзөмөл астына койгон! Азыр болсо Иран менен да дал ушул абал жүз берип жатат. Иран муну менен өзүнүн ядролук кубатынын өнүгүшүнө тоскоолдук коюуда. Айрыкча, Иран яхудий мамлекети өз кубатын тынымсыз өнүктүрүп жатканын билип туруп ушундай кадам таштаган соң, өзүнүн кубатынын өнүгүшүнө тоскоолдук койгон болот… Туура ой жүгүрткөн ар бир адам бул нерселер ийгилик эместигин, мамлекет уран байытууну 20%га жеткиргенден кийин 3,5% - 5% байытууга кайтышы жана 20% байытылган уранды жок кылууга аракет кылышы таптакыр ийгилик эместигин жакшы түшүнөт. Бул таптакыр ийгилик эмес.

Тескерисинче, ал Америка Иран менен биргеликте саясат кулуарларында пландаштырган бир иш. Андан Америка-Иран алакаларын көмүскөдөн ачыкка чыгаруу көздөлгөн. Себеби, мына ошондо Иран өзүнө сызып берилген ролду бул региондо эч кандай санкцияларсыз беймарал аткарат… Көптөгөн адамдар Иран Америкага малайлык кылып жатканын түшүнүп калды. Айрыкча, Сирия окуяларынан кийин бул нерсе ачык-айкын болуп калды. Түпкүлүгүндө, бул малайлык республика жарыя кылынган күндөн башталган. Бирок, Иран менен Америка ортосундагы кызматташтык бардык маселелерде, айрыкча Ирак жана Афганистан темасында жашыруун болду. Муну Ирандын мурунку жооптуулары да моюнга алган.

Азыркы тышкы иштер министри Жавад Зариф 2001-жылы Ирандын Америкадагы дипломатиялык өкүлү болгон. Ошол убакта ал өз өкмөтүнөн Америка Афганистанды басып алышында Америка менен кызматташтык кылууну талап кылган. Ошондуктан, аны айрым ирандыктар Америка малайы деп айыпташкан. Азыр болсо, Иран Америка менен мамиле кылууда ачык-ашкере жолду карманып, Америка пландарын ачык-ашкере аткармакчы болуп жатат, Америка колдоп-кубаттаган бир регионалдык ролду алууну каалап жатат. Америка өзүнө көз каранды Сирия режиминин курамын сактап кала турган дагы бир малайын тапканга чейин Ирандын Башар Асад режимин колдоп-кубаттоодогу алкыштады.

5 – Кол коюлган бул келишимдин артында Америка турат. Америка 2013-жылы 24-ноябрда бул келишим жарыя кылынышынан бир нече ай мурун Ирандагы бийлик менен жашыруун жолугушуу өткөргөн. Себеби, Америка Европанын Америка-Иран келишимине тоскоолдук коюуну каалап жатканын жакшы түшүнөт. Ошондуктан, бул келишим европалыктар андан кабардар болушунан мурун «бышырып» даярдап алынды. Мисалы, Франциянын «Le Monde» гезити 2013-жылы 24-ноябрда: «Ири Америка жана Иран жооптуулары бир нече ай ичинде эки жактуу жашыруун сүйлөшүүлөрдү алып барышты, бул сүйлөшүүлөр Ирандын ядролук

программасы боюнча 2013-жылы 24-ноябрда жетишилген принципиалдуу келишимде маанилүү роль ойноду», деген кабарды таратты. Гезит бул кабарды «Ассошиэйтед Пресс» агенттиги Америка жоопттууларына таянып жазган маалыматтарга ылайык таратты. «Ассошиэйтед Пресс» агенттиги АКШ жашыруун жолугушууларды өткөргөнүн сегиз өткөндөн кийин т.а. 2013-жылы сентябрдын аягында Обама Руханий менен байланышкандан кийин союздаштарына, «5+1» тобундагы башка мүчөлөргө жана «Израилге» кабардар кылганын баса белгилейт. Француз гезитинин жазышынча, бул жолугушуулар Амманда өткөрүлгөн… Америка жетекчилигиндеги үч жооптуунун «Ассошиэйтед Пресс» агенттигине баса белгилешинче, мына ушул жашыруун сүйлөшүүлөр Ирандын ядролук программасы боюнча Женевада ишемби күнү жетишилген бул келишимдин негиздерин түзгөн.

6 – Ошондуктан, Обама бул келишимдин түзүлүшүнө этибарды тарта турган таризде көңүл бурду. Жада калса, ал Конгресстеги ар кандай каршылыкка каршы туруп, яхудий мамлекетин бул келишим алардын коопсуздугун коргойт деп тынчтандырып, анын түзүлүшүн тездештире турган болду. Булардын бардыгы анын кеп-сөздөрүнөн анык көрүнүп турат:

Обама Иран менен ачык-ашкере жакындашуу саясатын актап мындай деди: «Дипломатия каршысында эшикти жаап коё албайбыз, дүйнө проблемаларын тынч жол менен чечүүнү ыктымалдан алыс санай албайбыз». Ал дагы мындай деди: «Иран бул учурдан пайдаланып эл аралык коомчулукка кошулууга чечим кылса узак жылдардан бери мамлекеттерибиз ортосунда келе жаткан күмөндөргө чек коюуну башташыбыз мүмкүн». (Ал-Жазира – 2013-жыл, 26-ноябрь). Обама бул келишим жөнүндө сүйлөп мындай деди: «Иран менен биргеликте алып барган бул ишибиз алдыга жылуу жана мансабымды ээлегенимден бери эң маанилүү иш болуп эсептелет… Бүгүнкү жарыя болсо чоң ийгиликке жетишүүгө карай ташталган биринчи кадам гана». (Эн-би-си ньюс, Дүйнөлүк кабарлар – 2013-жыл, 23-ноябрь). Обама 2013-жылы, 25-ноябрда Сан-Францискодогу бир

акцияда төмөндөгүлөрдү айтты: «Чоң коркунучтар дале сакталып турат, бирок, дипломатиялык вариантка каршы тура албайбыз, дүйнө кабылып жаткан проблемаларды дипломатиялык жол менен чечүүнү божомолдон алыс деп эсептейбиз». Ал минтип кошумчалады: «Дипломатия каршысында эшикти жаап коё албайбыз, дүйнө проблемаларын тынч жол менен чечүүнү ыктымалдан алыс деп эсептей албайбыз». Ал «келерки айларда Иран ядролук программасы коркунучун толук чечүү максатында дипломатиялык аракеттерди улантууга» ишарат кылды… Обама 2013-жылы 24-ноябрда бул келишим Иран ядролук программасы маселесин толук чечүүгө карай бир маанилүү кадам эсептелишин айтып: «Бул келишим Тегеранга ядролук бомбаны иштеп чыгуу жолун жаап коёт», - деди. Обама өзүнүн мамлекети, эгер Иран алты ай ичинде келишим шарттарын аткарбай турган болсо Иранга каршы санкцияларды жеңилдетүүнү токтотуп коюшун да айтты.

Керри да бул келишим Ирандын ядролук курал-жаракка карай умтулушун орчундатышын айтты. Ал он жылдан бери токтобой келе жаткан ядролук проблема туурасында тартышууну жараткан көптөгөн маселелердин бири жөнүндө сүйлөп, бул келишим Ирандын уранды байытуудагы «укугун» таптакыр кепилдебешин айтты. Ал яхудий мамлекетин тынчтандыруу үчүн минтип кошумчалады: «Бул келишим дүйнөнү дагы да тынч, Израиль жана региондогу шериктерибиздин коопсуздугун дагы да көбүрөөк камсыздайт». (АФП – 2013-жыл, 24-ноябрь).

Ак үй Конгресстин яхудий лоббисине жан тарткан мүчөлөрүнүн таасирине каршы туруу үчүн тездик менен аракетке киришти. Мисалы, Ак үй «оор салмактуу» Скоукрофт жана Бзежинскийден мындай чараларды токтотуу үчүн конгресске басым өткөрүүнү талап кылды. Натыйжада, бул экөөсү өздөрү жолдогон катта сенаттагы көпчүлүк фракция лидери Гарри Ридден Иран менен алып барылып жаткан сүйлөшүүнү – Америка улуттук кызыкчылыктары бар болгону үчүн – колдоп-кубаттоону талап кылышты. Ошол катта төмөндөгүлөр жазылган: «… Бул сүйлөшүү Кошмо Штаттар,

Израиль жана региондогу башка шериктерибиздин улуттук коопсуздугун бекемдейт». Катта Иранга каршы жаңы санкцияларды колдонуу акыбетинен эскертилип мындай делген: «Азыр, ушул мурун болуп көрбөгөн сүйлөшүүлөр шартында кошумча санкцияларды колдонуу ирандыктарга Кошмо Штаттар Ирандагы азыркы бийлик менен эч кандай келишим түзүүгө даяр эмес, деп баса белгилөөнү түшүндүрөт». Катта дагы мындай делген: «Биз бардык америкалыктарды жана Конгрессти Иран менен алып барылып жаткан кыйын сүйлөшүүлөрдө президент менен бирге бекем турууга чакырабыз». (Скоукрофт, Бзежинский… «Стратегиялык сакафат онлайн фонду» – 2013-жыл, 20-ноябрь). Булардын баарынан Америка бул маселе кудум өзүнүн тагдырий маселесиндей иш жүргүзгөнү анык көрүнүп турат!

7 – Европа бул келишимге тоскоол болууга урунушу, кийин ага ыраазылык беришине келсек, Америка Европанын Америка-Иран келишимин каалабашын жакшы түшүнгөн. Себеби, Иран Америкага малай экенин Европа жакшы билет. Санкцияларды жеңилдетүү болсо Америка Иранга дагы бир ролду сызып берип жатканын түшүндүрөт. Иран Американын региондогу кызыкчылыктарына кызмат кылуу үчүн ушул ролду аткарат. Бул болсо, Ирандан чектөөлөрдү алып таштоону талап кылат, себеби, Иран мына ошондо беймарал, оңой аракет кыла турган болот. Ошондуктан, Франция 2013-жылы 15-октябрда өткөрүлгөн биринчи раундда келишимди чаташтырууга урунду, Британия болсо адаттагыдай парда артынан аракет жасады. Бирок, Америка бул келишимди түзүүгө олуттуу аракет кылды, натыйжада, Европа ыраазылык берүүгө мажбур болду.

Ошентип, европалыктар бул келишимге тоскоолдук коё алышпады. Себеби, алар Америка бул келишимдин «пайдубалын» эбак эле тургузганын, «устундарын» тикелеп, «кыштарын» даярдап үлгүргөнүн түшүнүп жетти… Ошондуктан, ага ыраазылык беришти. Алар бул келишимден эл аралык майданда пайдаланып калмакчы экендиги көрүнүп турат, айрыкча, бул келишим Ирандын ядролук курал иштеп чыгарууга карай умтулушуна

чынында да чек койгон соң, алар бул келишимден пайдаланып калышмакчы. Себеби, бул келишим Иранга уранды 3,5% - 5%дан ашык байытууга тыюу салат. Ирандын аракет кылып 20% байыткан ураны жок кылынат. Ядролук реакторлор болсо ар күнү көзөмөл астында болот. Ошондуктан, Британия тышкы иштер министри Уильям Хейг 2013-жылы 24-ноябрда өзүнүн твиттердеги бетинде бул келишимди мактап мындай деди: «Бул келишим маанилүү бир иш-чара болду, ал Иран менен боло турган биринчи маанилүү жана кызыктыруучу баскычты чагылдырат жана ирандын ядролук программасы боюнча иштерди алты айга чейин тоңдуруп коёт, анын айрым бөлүктөрүн мурунку баскычтарына кайтарат». Франция президенти Франсуа Олланд бул келишимге мындай баа берди: «Ал Батыштын Иран менен нормалдуу алакалар орнотушуна карай туура жолду кармануудагы маанилүү бир кадам болуп эсептелет жана бул келишим Франциянын уран запастары, аны байытуу, жаңы объектилерди ишке түшүрүүнү токтотуу жана эл аралык көзөмөл тармагында койгон талаптарын урматтайт». (АФП – 2013-жыл, 24-ноябрь).

8 – Эми, яхудий мамлекетинин позициясы калды… Яхудий мамлекетинин бул келишимди жаман деп эсептеген позициясы жаңылык да, таң кала турган нерсе да эмес. Себеби, Палестинаны басып алган бул баскынчы мамлекет пайда болгондон тартып өзү үчүн бир саясатты белгилеп пландаштырып койгон. «Израиль» бул региондо ядролук кубат гана эмес, ал тургай, ар кандай таасирдүү материалдык кубаттын пайда болушуна каршы туруу саясаты. Яхудий мамлекети мындай кубат Иран сыяктуу ири мамлекетте гана эмес, жада калса, бир кичине мамлекетте пайда болушуна да каршы турат. Мисалы, яхудий мамлекети Иорданияны куралдантууга каршылык кылат. Негизи, ал Иорданияны өзүнүн стратегиялык шериги деп эсептейт. Бирок, ошого карабастан аны куралдантууга каршы турат! Ливандын «Ахбар» агенттиги 2006-жылы 13-мартта «Викиликстин» (WikiLeaks) бир документин таратты. Ошол документте элчи Ричард Жонс

яхудий мамлекети Америкадан 2006-жылы февралда региондогу мамлекеттердин курал-жарактарын чектөөгө карата жасаган талаптары жөнүндө сөз кылынган. Анда Иордания жөнүндө мындай делген: «… Иброний (яхудий) мамлекет Иорданияны «стратегиялык шерик» деп билет… Ошого карабастан, географиялык жакындыкты жана ыктымал тутулуп жаткан стратегиялык өзгөрүүлөрдү этибарга алып Израиль өзүнүн армиясы менен Иордания армиясы ортосунда сыпатта айырманын азайышын көтөрө албайт, Израиль Иорданиянын «Сам» ракеталары же Израилдин аба мейкиндигин бүтүндөй курчап ала турган башка ар кандай системалар менен куралдануу коркунучуна чыдап тура албайт…». Яхудий мамлекетинин региондогу кичине жана чоң мамлекеттерге карата алып барган саясаты мына ушундай. Жада калса, «Израиль» Палестина администрациясы менен бул администрация үчүн бир мамлекетче куруу туурасында алып барып жаткан сүйлөшүүлөрдө, эгер, бул мамлекетче жарала турган болсо, ал куралсыз болушун да шарт кылууда… Ошондуктан, яхудий мамлекети Ирандын тынч ядролук мамлекет болушуна да, аскерий ядролук мамлекет даражасына жетишине да карап тура албайт, Ирандагы, региондогу ар кандай мамлекеттеги тынч максаттарда болсун, башка максаттарда болсун, ар кандай ядролук кубатты жок кылууну жана бул кубатта ал алдыңкылардан болууну каалайт. Ошондуктан, яхудий мамлекети Саддам доорунда Ирактын ядролук объектилерине Американын «жашыл жарык» бериши менен чабуул кылды. Яхудий мамлекети Ирандагы ядролук объектилерге да чабуул кылууга көп жолу даярданды жана Америка аны мындан тыйып келди… Ошондуктан, Шам тогуту химиялык куралдарды жок кылууга макулдук бергенде яхудий мамлекетинин кубанычы койнуна батпай калганын көрдүк…

Яхудий мамлекети эч кандай кубатка ээ эместигин, анын кубаты:

***«Аллахтын жана адамдардын арканы менен гана болушун»*** [3:

жакшы билет. Алар Аллахтын арканын эбак эле үзүп коюшкан… Ал эми, адамдар арканы яхудий мамлекети пайда болгондон тартып Британия тарабынан созулду, Франция аны азыктандырды жана Америка аны кучагына алды. Муну менен яхудий мамлекети өзүнүн саясатында Америкага жабышып калды. Ушуга ылайык, яхудий мамлекетинин алдыдагы алты ай ичинде Иранга азыркы убактылуу келишимде коюлган чектөөлөрдөн да көбүрөөк чектөөлөр коюлушун кепилдеген келишимди жолго коюу максатында Америкадагы яхудий лоббисине таасир өткөрүү үчүн болгон күчүн жумшоосу күтүлөт… Бирок, бардык абалдарда да Америка өзүнүн кызыкчылыктарын яхудий мамлекетинен үстөм коёт. Ал тургай, Америка яхудий мамлекетинин коопсуздугун белгилейт жана бул мамлекет өз коопсуздугун Америкага жүктөй албайт. Айрыкча, Обама азыр акыркы шайланган доорунда турган соң, демек, яхудий лоббисинин ага карата таасири бир далай азыраак болот.

Ошону менен бирге, яхудий мамлекети өзүнүн тирүү калышы Американын жардамына байланыштуу деп билет. Себеби, Америка регион мамлекеттерин ядролук куралдануудан тыйып, яхудий мамлекетинин болсо аскерий ядролук өнөр жайга ээ болушуна жол ачып келүүдө. Азыркы келишим да яхудий мамлекетин тынчтандыруучу айрым нерселерди өз ичине камтыган. Мисалы, «Израиль» разведка министри Ювал Штайниц яхудий «2» радиосуна интервью берип мындай деди: «Ири мамлекеттер акыркы сааттарда бул келишимге оңдоп түзөтүүлөр киргизилгенде Израилдин каалоосуна ылайык шарттар коюлушун катуу талап кылышты». Яхудий мамлекети келишимге кошумча шарттар жана санкцияларды киргизип алуу үмүтүндө Америкага таасир өткөрүү урунат. «Израиль» финансы министри 2013-жылы 24-ноябрда «Израиль» армиясынын радиосуна берген интервьюда мындай деди: «Израиль алты айдан кийин жакшыраак акыркы келишимге жетишүү үчүн Кошмо Штаттар жана дүйнөдөгү башка күчтөр менен кызматташтык кылышы зарыл». Алминтип кошумчалады: «Бул

келишим жаман болсо да, бирок, биз америкалыктар жана башкалар менен кызматташтыкта иш алып барышыбыз керек, ошондо акыркы келишимге Иран ядролук долбоорун бүтүндөй жок кылуу киргизилет». Булардын баарынан айкын болгондой, яхудий мамлекети Американын колдоосу менен региондо ядролук куралга жеке өзү ээлик кылууну, региондогу башка ар кандай мамлекетти ар кандай өнүккөн кубатка ээ болуудан эле эмес, жада калса, бул мамлекеттерди ядролук энергия иштеп чыгаруудагы ар кандай илимий теориялык мүмкүнчүлүктөргө ээ болуудан да тыйып коюуну каалоодо… Мусулман өлкөлөрүндөгү режимдердин саткындыгы өкүнтөт. Бул мамлекеттер ядролук куралга ээ болуу жөнүндө талкуу кылуу тиякта турсун, ал тургай, тынч максаттарда да ядролук энергия иштеп чыгаруу жөнүндө илимий талкуу кылуудан да коркот. Яхудий мамлекети ядролук куралдарды жашыруун эмес, ачык-ашкере иштеп чыгарып жатат, чыгарып эле калбастан, региондо бул нерсеге аракет кылган мамлекетке каршы чыгууда.

Ошондуктан, яхудий мамлекетинин премьер-минстри Нетаньяхунун: «Бул келишим – тарыхий ката жана Иранга каалаган нерсесин: санкциялардын бир бөлүгүн алып таштоо жана ядролук программасынан негизги бөлүгүн сактап калуу мүмкүнчүлүгүн берген жаман келишим» (АФП – 2013-жыл, 24-ноябрь) деген сөзүн жогоруда «яхудий мамлекети бул региондо өзүнөн башка бирер салмактуу кубат болушун каалабайт жана ал Ирандын ядролук кубатын бүтүндөй жок кылууну каалайт» деп айтылган мазмунда түшүнсө болот.

9 – Белгилүү болгондой, Ирандын ядролук программасы бир нече жылдардан бери талкууланып келе келе жаткан. Америка азыр эмне үчүн бул келишимдин түзүлүшүнө мынчалык кызыкдар болуп калды? Эмнеге Обама азыркы учурга келип Ирандын ядролук программасы боюнча келишим түзүүгө болуп көрбөгөндөй аракет кылууда? Жада калса, ал: «Иран менен биргеликте алып барган ишибиз мансабымды ээлегенимден берки эң

маанилүү жана сезилерлик өнүгүү болуп эсептелет», дегенге чейин барды. Мунун Жоопу мындай: акыркы үч жыл ичинде региондо жаңы шарттар пайда болду. Бул жаңы шарт – Сирияда Халифалык аты менен кеңири жайылган коомдук пикир чөйрөсү. Бул жаңы абал «араб жазы» козголоңдорунда күзөтүлбөгөн. Себеби, «араб жазы» козголоңдору өз-өзүнөн башталган болсо да, бирок, алардагы ураандар илманийликке жакын болду же илманийлик менен «америкача муътадил ислам» деген нерсенин аралашмасы болду! Мунун акыбетинде Америка жана Батыш бул козголоңдорго кирип алууга жана аларды багыттоого жетишти… Ал эми, Сириядагы аракеттенүүлөрдө исламий туйгулар үстөм болду. Бул туйгулардан көбү «Үммөт дагы Халифалык болушун каалайт» деп айтылып жаткан туура исламий пикирлер жана түшүнүктөр менен шайкеш келди… Сириядагы барган сайын күчөп бара жаткан бул исламий чөйрө Батышты, өзгөчө Американы дагы да кыйын абалга салып койду. Анткени, бул колонизаторлор Халифалык кандай улуу жана кубаттуу экенин абдан жакшы билишет, Халифалык жүзөгө келе турган болсо башка күчтөр – жок болуп кетишпесе – арзыбас болуп калышын өтө жакшы билишет… Кала берсе, бул жерде колонизаторлорду дагы да кыйын абалга салып жаткан дагы бир фактор бар. Ал да болсо, Америка кризистерге батып жатканы. Бул абал Американын Сириядагы убакыт өткөн сайын өсүп жактан исламий чөйрөнү жок кылууга болгон түздөн-түз таасир күчүн күчсүздөнтөт. Ошондуктан, Америка бул региондо жардам бере турган дагы бир саткынды издөөдө, бул саткындар ушул улуу исламий чөйрөгө каршы турууда Американын алдыңкы фронту болушат.

Американын ичиндеги кризиске келсек, Америка дале кыйналып жаткан экономикалык кризиске кошумча демократтар жана республикачылар бардык негизги маселелерде бири-бири менен келише албай жатышат. Натыйжада, жергиликтүү партиялык саясат Америка улуттук кызыкчылыгынын ордун ээлеп алды жана адамдар иштерин башкаруудан да

маанилүү нерсеге айланды. Бир канча күзөтүүчүлөр «бул эки негизги партиянын ортосундагы карыз потологун көтөрүү жана Обаманын саламаттыкты сактоого тиешелүү долбоору боюнча келишпөөчүлүктөрү Америка саясий системасынын жамандашканына далил» деген пикир билдиришти. Франк Фогел «Хаффингтон Пост»ко мындай деп жазды: «Америка саясий системасы кулап баруруда, Конгресс болсо эл ишеничин жоготууда, себеби, ага ишеним бирдиргендердин саны «Гэллап» борбору өткөргөн акыркы сурамжылоого ылайык 10%га төмөндөгөн. Коммерциялык коомдук пикир тарабынан өткөрүлгөн сурамжылоодо америкалык ири бизнесмендердин 85%ы Америка азап тартып жаткан негизги проблемаларга шайлоо кампанияларын акча менен камсыздоо системасы себеп деп билишет жана 42%ы бул система бүтүндөй ийгиликсиз болуп кыйрады деп эсептешет». (Хаффингтон Пост – 2013-жыл, 26-июль).

Ал эми, Американын тышкы саясий абалы – дүйнөнүн бардык региондорундагы өкүмдарлыгына карабастан – ичкеридеги абалга караганда жаман жана кооптуураак. Эммануэл Воллерштейн Америка таасири дүйнөнүн бардык тараптарында артка кеткенине түшүндүрмө берип мындай деди: «Адамдардын баары болбосо да, көпчүлүгү Кошмо Штаттардын кубаты, деңгээли жана таасири бир далай артка кеткенин сезишүүдө, Америкадагы адамдар бул нерсени көңүлдөнбөстөн кабылдашууда». (Кошмо Штаттар артка кетишинин акыбеттери, ал-Жазира каналы – 2013-жыл, 2-ноябрь). Бзежинский 2010-жылы Монреалда эл аралык алакалар кеңешинде мындай деген: «Дүйнөдөгү ири күчтөр, эскилери да, жаңылары да жаңы абалга бетме-бет келишти, алардын аскерий күчтөрү болуп көрбөгөндөй кубаттуу болушкан, бирок, ошого карабастан, алардын дүйнөгө өкүмдарлыгын орнотуу кубаты эң төмөн тарыхий деңгээлде турат…». Мындан тышкары Америка Афганистанда жана дүйнөнүн башка региондорунда да кыйын абалга түшүп калды…

Бул проблемалар Американы муунтуп, анын түздөн-түз таасир күчүнө жолто болууда… Себеби, анын малайлары – чет элде даярдаган куурчактар да, ичкеридеги Башар жана анын жүгүртөктөрү сыяктуулары да – акыркы үч жыл ичинде Сирияда бекем орношо алышпады. Тескерисинче, Халифалык чакырыктары бул малайлардын кулактарына, көздөрү жана жүрөктөрүнө чагынгандай тийүүдө… Ушулардан улам, Америка Сирия тегерегиндеги регион мамлекеттери Халифалыкты турмуш жана коом үчүн түзүм катары кабыл алган ар кандай жаңы башкарууга каршы турууда алдыңкы фронт болуусун каaaлайт. Амерканын көзү эки мамлекетке түшүп, экөөсүнө вазыйпаларды буюрду. Алар Американын ээрчүүчүлөрү болгон – Түркия жана Иран. Түркия жөнүндө айта турган болсок, анын аракеттерине эч кандай чектөөлөр коюлбаган. Иран болсо, ага коюлган санкциялар себептүү эл аралык жана регионалдык майдандагы таасирдүү аракети чектелип калууда. Натыйжада, ал дээрлик изоляция абалында калган. Иран Халифалыкка каршы Түркияга караганда күчтүүрөөк иш алып барат, себеби, Иран акимдеринин түшүнүктөрү боюнча Халифалык четке кагыла турган нерсе. Ушул нерсе аларды Халифалыкка каршы активдүү күрөш алып барууга үндөөдө. Түрктөрдө болсо, Халифалык мурас болуп эсептелет. Бул болсо, Түркиядагы режимди Халифалыкка каршы күрөштө алдоо жолун кармануугa мажбур кылат… Ошентип, жаңы план бул эки мамлекеттин ролун ушул таризде күчөтүүнү талап кылат. Ошондон келип чыгып Америка бул маселени өзүнүн тагдырий маселеси катары кабыл алды. Бул тагдырий маселе болсо Ирандын аракеттерин жеңилдетүү үчүн андан чектөөлөрдү алып таштоону талап кылат. Ошондуктан, Обама ушул максатта т.а. Сириядагы Халифалыкты тикелөө үчүн болуп жаткан исламий аракеттенүүлөргө каршы туруу үчүн Иран карата колдонулган санкцияларды алып таштоо аракеттерин баштады. Максат, Ирандын ядролук куралга ээ болуу иштеринен чектөөлөрдү алып таштоо эмес. Тескерисинче, тынч максаттарда ядролук энергияга ээ болуугa чектөөлөр коюлган, бул чектөөлөр

Ирандын байытылган уранын 20%дан 3,5%га төмөндөтөт. Мындан тышкары анын реакторлору көзөмөл астында болуп, бир катар шарттар жүктөлдү… Ушуга ылайык, Ирандын ядролук тармакта аракетин күчөтүү үчүн эмес, тескерисинче, анын аракеттерин жеңилдетүү, Халифалыкка каршы аракетин күчөтүү үчүн гана санкциялар кандайдыр бир деңгээлде бекер кылынды!

Ошентип, Обама бул ядролук келишимди өзүнүн президенттик доорундагы эң чоң иштердин бири деп эсептеди. Мына ошондо Обама Сириядагы Халифалык үчүн болуп жаткан аракетке каршы турууда Түркия жана Иранды беймарал ишке сала алат. Бул, Сирия ичинде кылмыш аракеттерди жасоо менен ишке ашырылабы же Женева жана башка жайдагы кыянатчыл саясий иштер менен ишке ашырылабы, мунун айырмасы жок… Максат мурунку малайдын ордуна дагы бир малай башкарууну орнотуу жана Халифалык үчүн болуп жаткан аракетти кыйратуу… Обама муну ишке ашыра алса, бул анын президенттик доорундагы эң күчтүү иштеринин бири болот. Ошондуктан, анын: «Иран менен биргеликте алып барган ишибиз мансабымды ээлегенимден берки эң маанилүү жана сезилерлик өнүгүү болуп эсептелет…» деген сөздөрүнө таң калуунун кажети жок. Албетте, эгер Обама муну ишке ашыра алса… Мүмкүн, ал өзүнүн көз карашы боюнча ушул эки мамлекетти ишке салып буга жетише алдым деп ойлоп жаткандыр. Бул эки мамлекет Обама бул келишимди кандай шашылыш түзүүгө аракет кылган болсо, алар да ошондой таризде шашып өз ара жолугушууларды жана сапарларды уюштура баштады! 2013-жылы 24-ноябрда келишим түзүлгөнүнөн үч күн гана өтүп Түркия менен Иран ортосундагы мурунку кескиндик жоюлду жана Түркия тышкы иштер министри Тегеранга сапар жасады. Сүйлөшүүлөр негизинен Сирия иши жаатындагы эки мамлекеттин ортосундагы кызматташтык жана Женева конференциясы жөнүндө болду. Жашыруун тарабы болсо дагы да чоңураак… Кана эми, бул эки мамлекет жакшылык жана таквалык үстүндө кызматташтык кылып жатышкан болсо. Анда биз аларга жакшылык тилеп албетте дуба кылмакпыз. Бирок, алар

Сирияда Халифалыктын тикеленишине каршы туруда кызматташтык кылууга келишип алышты. Алар төгүлгөн ушунча пакиза кандардан жана берилген ушунча үлкөн курмандардан кийин да залим, адилетсиз илманий башкарууну кайра тикелөөгө аракет кылып жатышат. Бул үчүн аларга ушул дүйнөдө кордук, Акыретте болсо тозок азабы болот. Анткени, Аллах Субханаху күнөө жана душмандык үстүндө эмес, жакшылык жана таквалык жолунда кызматташтык кылууга буюрган.

***«Жакшылык жана таквалык жолунда көмөктөш болгула, күнөө жана чектен ашуу жолунда көмөктөш болбогула! Аллахтан корккула! Албетте, Аллахтын азабы катуу»*** [5:2]

Кана эми, бул малайлар муну түшүнүп жетип, нажат табышса. Акылдуу адам насаат алып нажат табат.

10 – Сөзүбүздүн соңунда жүрөгү бар же күбө болгон абалда кулак салган ар бир кишиге ушуларды эске салабыз:

а) Биз Түркия жана Иран акимдерине ушуну эске салабыз, алар Америкага малай болуп, Сириядагы Халифалыкты тикелөө үчүн аракет кылып жаткандарга каршы тургандыктан бул дүйнө кордугун жана акырет азабын гана алышат. Алар Батышты, өзгөчө Американы ыраазы кылууга канчалык урунушпасын Америка алардан эч качан ыраазы болбойт.

***«Яхудий жана насранийлер сен алардын динине кирмейинче эч качан сага ыраазы болушпайт. Айткын, Аллахтын жолу гана чыныгы жол. Ант болсун, эгер сага келген чыныгы билимден кийин алардын көңүлү каалаган нерселерге ээрчип кетсең, Аллах тарабынан сага дос да, жардамчы да болбойт»*** [2:120]

Ибн Жаъд өзүнүн муснадында Айша Ідан риваят кылган хадисте Расулуллах с.а.в мындай деди:

**«مَنْ أَرْضَى النَّاسَ بِسَخَطِ اللَّهِ، وَكَلَهُ اللَّهُ إِلَى النَّاسِ، وَمَنْ أَسْخَطَ النَّاسَ بِرِضَا اللَّهِ كَفَاهُ اللَّهُ النَّاسَ»**

**«Кимде-ким Аллахты кардантып адамдарды ыраазы кыла турган болсо Аллах аны ошол адамдарга тапшырып коёт. Кимде-**

**ким Аллахты ыраазы кылып адамдарды каардантса Аллах аны адамдардан коргоого кифая кылат».** Силер – шек-күмөнсүз – Аллахты каардантып адамдарды ыраазы кылган кимселердин тагдыры эмне болгонун көрүп турасыңар. Акылдуу киши өзгөнүн абалынан ибрат алат.

б) Биз Түркия акимдерине Халифалык Роббинин фарзы экенин жана бүткүл Түркияны кылымдар бою нурдантып келген Халифалык доорлорун эске салмакчыбыз. Алар Халифалык аскерлери, Фатих, Салим, Конуний, Абдулхамид… аскерлери болушкан. Бүгүн ошол нур доор Түркия акимдерин Халифалыкты жардамсыз таштап койбоого карай тартышы керек. Ошондуктан, Түркия акимдери Шамда же башка ар кандай жайда Халифалыкка каршы турбашы зарыл. Халифалык үчүн аракет кылып жаткандарга жардам берүүгө батына албай жаткан болсо, эч болбогондо ага каршы турбашы керек… Жакшы акыбет таквадарларга таандык.

в) Биз Иран акимдерине – Халифалыкты Роббинин фарзы деп билишпесе да, Халифалык айтылганда аларды ойун зулум кылган бирер халифа ээлеп алса да – ушуну эске салабыз, Үммөт уландары Абу Бакр, Умар, Усман жана Али – алардан Аллах ыраазы болсун жана аларды ыраазы кылсын – жетекчилик кылган жана аскерлеринен болгон пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалыкка, рошид Халифалыкка аракет кылып жатат… Ошондуктан, эгер Иран акимдери Халифалыкка каршы турса, жогоруда аттары айтылган үч халифага байъат берген жана аларга калыс жардамчы болгон Али Гнун сийратына каршы турушкан болот. Ошондой болгон соң, Али Гнун сийраты боюнча жүргүлө, Шамда же башка ар кандай жайда Халифалыкка каршы туруп Халифалыкты жардамсыз таштап койбогула. Халифалык үчүн аракет кылып жаткандарга жардам берүүгө батына албасаңар, эч болбогондо ага каршы турбагыла… Жакшы акыбет таквадарларга таандык.

г) Түркия жана Иран акимдерин эске салуу менен баштаганыбыздай, Халифалык Аллах Субханахунун убадасы экенин эске салуу менен жыйынтыктайбыз.

***«Аллах силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттарга, кудум мурунку өткөн*** *(итикаддуу)* ***заттарды*** *(жер жүзүнө)* ***халифа кылгандай, аларды да жер жүзүндө халифа кылууну убада кылды»*** [24:55]

Халифалык – Расулуллах с.а.в.дын башараты экенин эске салуу менен жыйынтыктабыз. Ахмад жана Тиялисий Хузайфа ибн Йеменден мындай дегенин риваят кылды: Расулуллах с.а.в. айтты:

**«...ثُمَّ تَكُونُ جَبْرِيَّةً، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا، ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ»**

**«Кийин жабыр көрсөтүүчү падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизинде Халифалык болот»**. Ошондуктан, Халифалык эртеби-кечпи албетте тикеленет. Ким ага көмөктөшсө жана жардам берсе Аллах неъмат берген кишилердин катарынан болот, кимде-ким ага каршы турса, Аллахка эч кандай зыян жеткире албайт, тескерисинче, бул дүйнөдө кордукка, акыретте болсо азапка кабылат. Булардын эч бири Халифалыктын тикеленишин бир саатка да, жарым саатка да артка сүрө албайт…

***«Албетте, Аллах Өзү*** *(каалаган)* ***ишине жетүүчү Зат»*** [65:3]

**27-мухаррам, 1435-х.**

**30-ноябрь, 2013-м.**

## Иран менен анын ядролук программасы тууурасында түзүлгөн алкактык келишим артында эмне турат?

**Суроо:**

*2015-жыл, 2-апрель кечинде Швейцариянын Лозанна шаарында «5+1» мамлекеттери менен Иран ортосунда анын ядролук программасы тууралуу алкактык келишимге кол коюу үчүн жолугушуулар болуп өттү жана акырында 2015-жыл, 30-июнда келишимге кол коюла турган болду. Этибарды тарта турган нерсе, мына ушул тараптар ортосундагы ортоктош билдирүү окуп угузулгандан кийин Америка президенти Обама Ак үйдө журналисттер алдында сөз сүйлөп, бул келишимдин тарыхий келишим болгонун билдирди. Бул келишимдин артында эмнелер турат? Аллах сизге береке берсин.*

**Жооп:**

Жооп анык-тунук болушу үчүн төмөнкү тафсилаттарды көрүп чыгабыз:

1 – Келишимге кол коюлары менен Америка президенти Ак үйдүн алдында ушул келишим тууралуу билдирүү менен чыгып: «Биз Иран менен анын ядролук программасы тууралуу тарыхий пикирлештикке жетиштик, бул келишим күчүнө кирсе ал Тегерандын ядролук куралга ээ болушуна тоскоолдук кылат», - деди. Обама дагы: «Биз Ирандын ядролук программа боюнча алдыга жылышын токтотууга тиешелүү келишимге жетиштик», - деди. Ал дагы кошумчалап: «Тегеран өз мойнуна алган милдеттерин аткарды жана бул иш боюнча текшерүү жүргүзүү үчүн кеңири жол ачып койду», - деди. Обама келишимди «Биздин негизги максаттарыбызга жооп бере турган жакшы келишим» деп атап: «Иран ядролук объектилерди текшерүүгө тиешелүү көзөмөл тартип-чараларын кабыл алды, илгери мындай көзөмөл болбогон эле, Иран үчүн уранды байытуу эшиктери жабыла турган болду о.э. байытылган уран запасынын чоң бөлүгү жана центрифугалар үчтөн эки бөлүккө азая турган болду», - деди. Ал дагы: «Ирандын заманбап ядролук куралга ээ болушуна таптакыр жол берилбейт, мунун акысына биз өзүбүз киргизген жана Коопсуздук Кеңеши киргизген жаза-чараларын баскычма-баскыч жеңилдетип барабыз», - деди. Обама «Сүйлөшүүлөр майда тафсилаттар боюнча келишимге жетишүү үчүн

июнга чейин уланат» деп көрсөтүп өтүп «Ядролук объекттерди текшере турган инспекторлор Иран ядролук курулуштарын текшерүү жаатындагы мурда болуп көрбөгөн таасирге ээ болушат» деп баса белгиледи. Ал дагы: «Иран калкы жөнүндө айта турган болсом, биз ортоктош кызыкчылыктар үчүн аракет кылууга даярбыз», - деди (Американын Сава радиосу 2015-жыл, 2-апрель)... Америка президентинин бул сөздөрү Америка админстрациясынын бул келишимге жетишүүнү канчалык катуу каалаганын жана бул келишим Америка кызыкчылыгына кызмат кылышын көрсөтүп турат. Америка өзү каалаган нерсеге жетишти. Ошондуктан, башкалардын бул келишимге каршы чыгуу туурасында эч кандай далили калбады. Себеби, Обама конгресстеги республикачылардын жана яхудий вужудунун премьер-министри Нетаньяхунун бул келишимге каршы чыгуу позициясына дуушар болгон эле. Обама кошумча кылып, Иран менен ортоктош кызыкчылыктар деген аталыш астында кызматташууну каалай тургандыгын т.а. Иранды Американын бул региондогу долбоорлорун ишке ашыруу үчүн кызмат кылдырышын айтты айтты. Ошондуктан, Обама Ирандын яхудий вужудунун коркутуулары о.э. Европадагы үчтүк т.а. Британия, Франция жана Германиянын куйтулугу менен алек болуп калышын каалабай жатат. О.э. Иран үчүн жаңы проблемалар пайда болушун жана анын жаза-чаралар астында онтоп жата беришин да каалабай жатат.

2 – «Иран төмөнкү даражада байытылган 10 тонна уран запасын 15 жылга чейинки мөөнөттө 3,67 % катышта 300 килограммга чейин азайтууга ыраазы болду. Иран уран байытыла турган жаңы ядролук курулмаларды 15 жылга чейин курбастык милдетин да алды. Иран центрифугалардын үчтөн эки бөлүгүн азайтууга ыраазы болду. Ошондо келишим боюнча центрифугалар учурдагы 19 миңден 6014кө түшүп калат, алардан 5060да уран 10 жылга чейин байытыла турган болот. Нетенз курулмасы Ирандагы (төмөнкү даражада) уран байытыла турган жападан-жалгыз курулма болот. Иран Фордо курулмасында уранды 15 жылга чейин таптакыр байытпайт,

тескерисинче, анда ядрофизикалык изилдөөлөрдү гана жүргүзөт. Иран уранды байытууга жана ядролук изилдөөлөргө тиешелүү планды эл аралык атом агенттигине сунуштоо милдетин да алды. Бул план Ирандын ядролук бомбага ээ болбостугун 10 жылга чейин кепилдейт. Бул келишим эл аралык инспекторлорго уран кендерин жана уран оксиди даярдала турган жерлерди 25 жылга чейин көзөмөл кылуу укугун берет, бул эл аралык инспекторлор 20 жылга чейин центрифугаларды жана уран контейнерлерин туруктуу көзөмөл кылуу укугуна ээ болот о.э. центрифугаларды иштеп чыгаруу токтотуп коюлат» (Жакынкы Чыгыш 2015-жыл, 3-апрель). Иран президенти Хасан Роухани мындай деп билдирди: «Иран өз мойнуна алган бардык милдеттенмелерди аткарат, болгону, ал үчүн башка тарап да өз милдеттерине амал кылышы шарт». («Аалам Иранийя баракчасы» 2015-жыл, 3-апрель). Иран тышкы иштер министри Жавад Зариф болсо мындай деди: «Жаза-чаралардын алып ташталышы алдыга ташталган негизги кадам болот, чындыгында биз эч ким каалабаган багытты токтоттук, ал ядролук курал жайылышына жол бербестик операциясына карата же башка ар кандай тарапка карата бир жагымсыз багыт эле». (Американын Сава радиосу 2015-жыл, 2-апрель). Булардан Иран уранды байытууну күчөтүү тармагындагы ишмердүүлүгүн токтотууга ыраазы болгону жана бул байытуу ядролук курал иштеп чыгаруу мүмкүн болбой турган эң төмөнкү даражада болушун кабыл алганы көрүнүп турат. Чындыгында Иран центрифугалар санын үчтөн экиге азайтты жана бул центрифугалар 25 жылга чейин эл аралык көзөмөл астында болуп кала берет. Иран президентинин айтымында, Иран бул милдеттенмелерге мына ушул мөөнөт ичинде катуу амал кылат. Иран үчүн маанилүүсү өзүнөн жаза-чаралардын алып ташталышы. Ошондуктан, Жавад Зариф мындай деди: «Иранга каршы киргизилген жаза-чаралары ири күчтөр менен келишип алынган иш-чаралар колдонулган кезде аяктайт». Ошентип, Иран бул региондо Америка тарабынан сызып берилген ролду ойномокчу жана өзүнүн бул региондогу улуттук кызыкчылыктарын ишке ашырмакчы.

Себеби, Ирандын кээ бир жооптуулары Иран империясын тикелөө арзуусу бар экендигин ачык айта башташты. Ошондуктан, Иран өзүнүн ядролук программасын курмандыкка чалды!

3 – «5+1» тобундагы калган мамлекеттерге келсек, алардын ролу экинчи даражалуу экендиги анык болуп калды. Себеби, иш жүзүндө сүйлөшүүлөр көбүрөөк Америка менен Иран ортосунда гана болушу сыр болбой калды. Бул жаатта башка мамлекеттердин ролу болсо көбүрөөк көрөрман болуп тура берүүгө жакын болот. Себеби, далилдер Американын Иран менен келишимди алда качан эле бышыктап алганын көрсөтүп турат. Болгону топтогу калган мамлекеттер күзөтүп бара турган болгон кадамдарды иштеп чыгуу операциясы маселеси гана калды. Ошондуктан, эгерде алар өздөрүнө жакпай турган нерсени көрүшсө «ачууланышат» жана өздөрүн басып тынчтануу үчүн чыгып кетишет, андан соң келишимге кол коюу үчүн кайтып келишет же өздөрүнүн ордуна өздөрүнөн төмөнкүрөөк жооптууларды калтырышат! Бул абал мына шу мамлекеттер министрлеринин позициясында ачык көрүндү... Мисалы, Лавров Тажикстанга барган кезде «Бул кырдаал адаттагыдай эмес, болуп көрбөгөн кырдаал...» деди жана «Азыркы баскычтын маани-маңызы бир саясий алкактык келишимди иштеп чыгуудан турат жана бул анын (келишимдин) бардык курамдык бөлүктөрүнөн анык түшүнүктүү болуп калды» деп көрсөтүп өттү. Россия тышкы иштер министрлигинин расмий өкүлү Александр Лукашевич болсо мындай деп билдирди: «Россия өзүнүн тышкы иштер министри Сергей Лавровдун Лозаннага кайтып барышына зарылдык бар деп билбейт, учурда сүйлөшүүлөрдө катышып жаткандар кыла турган иш – принципиалдуу келишимдердин майда-чүйдөлөрүн аныктоо...». («Русиял Явм», «Новости России» 2015-жыл, 2-апрель). Орустардын сөздөрүнөн, келишим алдын ала даярдап коюлганы жана аягына жеткени, болгону ага кол коюу гана калганы көрүнүп турат. Ошондуктан, орустар тышкы иштер министри келишимге кол коюу үчүн барышы зарыл деп билишпеди. Лавров «бул иш адаттагыдай

эмес» деп айтуу менен Американын тышкы иштер министрине ишара кылды. Себеби, ирандыктар менен жана эң оболу алардын тышкы иштер министри Жавад Зариф менен бир нече апталар бою жекеме-жеке көрүнүштө эң көп жолугушкан адам Америка тышкы иштер министри болду... Ал бул жолугушууларды 2015-жыл, 26-марттан баштап акыркы аптада тынымсыз өткөрдү. Мындай абал өткөн айдын аягында кол коюу убагы келгенге чейин уланды. Ошондон кийин топтогу калган мамлекеттердин тышкы иштер министрлери кол коюуга катышуу үчүн чакырылышты! Бирок, алар бардык нерсе алда качан эле даярдап коюлганын жана Америка келишимге кандай болсо ошондой бойдон эч бир өзгөртүүсүз кол коюуну катуу туруп талап кылып жатканын көрүшкөндөн кийин кол коюудан бир күн мурда жыйындарды таштап кетишти. Мисалы, Франция тышкы иштер министри аркадагы эшиктен ачууланган абалда чыгып кеткен болсо, немис тышкы иштер министри Прибалтика республикаларына сапар кыла турган болуп калды. Орус тышкы иштер министри болсо, азыр гана айтып өткөнүбүздөй, жыйынга кайтып барбады т.а. өзүнүн ордуна орун басарын калтырды. Кытайдын тышкы иштер министри болсо кудум бул иш таптакыр кызыктырбай тургандай карманды. Британия тышкы иштер министри өзүн токтоо кармап жыйынды таштап кетпеди, ачууланганын да, ыраазы болгонун да билдирбеди т.а. англистердин адаттагы ыпыластыгы боюнча иш кылып, эмне болушун күтө турган болду... Бирок, акыры келишимге кол коюу ырасымына баары кайтып келишти. Бирок, алар кадыр-баркын сактап калуу үчүн Америка даярдап койгон келишимди талкуулай башташты. Талкуу эки күнгө созулду, ошондон кийин келишимге дээрлик эч кандай өзгөртүү киргизе алдышпастан, ага кол коюшту! Россия тышкы иштер министри бул келишим Америка менен Иран ортосунда бир күн мурда даярдап коюлганын, ошондуктан, азыр ага кол коюу болгону бир саясий расмийлик экендигин, ошондуктан, өзүнүн Лозаннага барышына эч кандай негизди көрбөй

жатканын айтты. Натыйжада келишимге анын ордуна орун басары кол койду. Ошентип, демек келишимдеги башкы рол Америка менен Ирандыкы болду...

4 – Азыр конгрессте көпчүлүктү түзүп турган республикачылар бул келишимге наараzы экендиктерин билдиришти. Мунун себеби, оппозициядагы партиянын эсеп-китептери жана жакындап келе жаткан шайлоолордогу максаттар. Обама админстрациясы республикачылардын каршылыгына карабастан бул келишимге кол койду. Бул админстрация тышкы саясатта утуштарга жетишүү үчүн о.э. өзүнүн бул региондогу долбоорлору жана пландарын ишке ашырууда Иранды ишке сала алуу үчүн бул келишимге кол койду. АКШ өкүлдөр палатасынын спикери Жон Бейнер: «Чечкиндүү келишим нормалары Ак үй белгилеген негизги максаттар менен салыштырганда тынчсыздандыруучу айырманы чагылдырып турат», - деди. Ал дагы: «Конгресс жаза-чаралар алып ташталышынан мурда ар кандай келишим тафсилаттарын толук көрүп чыгуу укугуна ээ болушу керек, 2015-жыл, 3-апрель бейшемби күнү жарыя кылынган алкактык келишим Обаманын принципиалдуу максаттарынан тайылууну чагылдырып турат», - деди. («AFP» 2015-жыл, 3-апрель). Обама админстрациясына келишимди палатанын этибарына сунуштоо жана мына ошондон кийин ага добуш берүү милдетин жүктөй турган сунушка ушул айдын 14дө конгресстеги тышкы иштер комиссиясынынын добуш бериши жөнүндө токтом кылынды. Бирок, Обама админстрациясы муну четке кагууда жана мындай келишимди түзүү аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктары экендигин, ошондуктан конгресстин бул маселеге аралашуусу болуп көрбөгөндөй окуяны пайда кылышын айтууда.

5 – Яхудий вужудунун позициясы жөнүндө айта турган болсок, Нетаньяху мындай деп билдирди: «Ирандын ядролук программасы туурасындагы бул алкактык келишим Израилдин сакталып калышына коркунуч туудурат» («AFP» 2015-жыл, 3-апрель). Белгилүү болгондой, Нетаньяху Лозаннада келишимге жетишилгени жарыя кылынышынан бир аз

мурда, ар кандай келишимде «Ирандын ядролук кудуретинде чоң азаюу болушу» көрсөтүлгөн болушун талап кылып, мындай деген эле: «Эң жакшы келишим ядролук инфраструктураны азайта турган келишим, эң жакшы келишим Тегерандын ядролук программасы натыйжасында киргизилген жаза-чараларын алып таштоону Ирандын позициясынын өзгөрүшүнө байланыштуу кылып коё турган келишим». («Рейтер» 2015-жыл, 1-апрель). Чындыгында анын бул каалоосу Лозанна келишиминде ишке ашты. Нетаньяху куйтулук позициясын карманды. Себеби, ал Америкадан кошумча жардамдарды жана яхудий вужудун коргоо туурасындагы убадаларды алууну көздөдү. О.э. ал шайлоолордогу максаттарына жетишүү максатында (ал шайлоолордо утуп чыкты) бул тема жаатында өзү ээлеген позициясын баса белгилөө о.э. 2016-жылы Америкадагы президенттик шайлоодо бийликке келиши күтүлүп жаткан республикачылар менен өзүнүн алакаларын күчөтүүнү да көздөдү. Нетаньяху ушундай максатта республикачылар сунушу менен конгрессте сөз сүйлөө үчүн Америкага барып, Иран менен түзүлгөн келишимдин кооп-коркунучтары жөнүндө сөз сүйлөдү. Акыйкатта болсо, бул келишим Ирандын ядролук курал иштеп чыгаруу кудуретин азайтышын ал өтө жакшы билет, ал Ирандын бул региондо Америка тарабынан сызып берилген ролду ойноп жатканын да, бул рол яхудий вужудуна пайда алып келишин да өтө жакшы билет. Себеби, Иран яхудий вужудунун Жолондогу коопсуздугун камсыздап жаткан, регионду ички согуштар менен алек кылып турган жана Исламий Үммөттүн биримдигине, Үммөттүн долбоору болгон Халифалыктын тикеленишине тоскоолдук кылып жаткан Сирия режимин коргоп жатат. Обама Нетаньяху менен телефон аркылуу байланышып, яхудийлер мамлекетин коргоо милдетине Кошмо Штаттар катуу амал кылышын баса белгиледи... Обама өзүнүн коопсуздук кеңешчилеринен «эки мамлекет ортосундагы коопсуздук кызматташтыгын күчөтүү жолдорун талкуулашуу үчүн Израилдин жаңы

өкмөтү менен кызуу сүйлөшүүлөр жүргүзүлүшүн» талап кылды («AFP» 2015-жыл, 3-апрель).

Булардын бардыгынан төмөнкүлөр анык көрүнүп турат:

а) Иран менен түзүлгөн бул келишимди даярдап, «бышырган» Американын өзү. 2013-жыл, 24-октябрдагы Женева келишимин даярдап, «бышырган» да Американын өзү. Башка беш мамлекетке бул келишимди – ага тез кол коюлушу үчүн – окуп чыгуу гана калды. Бирок, ага кол коюу башка мамлекеттерге – бул мамлекеттер өз аброюн сактап калышы үчүн – берилген талкуу кылуу мүмкүнчүлүгү себептүү эки күнгө кечикти... Мына ошондон кийин бул мамлекеттер келишимге ыраазылык берип ага кол коюшту.

б) Американын максаты, Ирандан басымдарды жана жаза-чараларын жеңилдетүү, же бул жаза-чараларын бүтүндөй алып таштоо. Себеби, ошондо Америка Ирандын бул региондогу кызматынан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот жана Иран өзүнө Америка тарабынан сызып берилген ролду ойной алат. Ошондуктан да, Обама админстрациясы өзүнүн бүтүндөй таасирин ишке салды жана бүтүндөй этибарын ушул келишимдин ийгиликтүү ишке ашуусуна жана тышкы саясатта ийгиликке жетүүгө каратты. Ошондуктан, Америка президенти бул келишимди тарыхий пикирлештик деп баалады.

в) Обама админстрациясы каршысында конгресстеги республикачылар тоскоолдугу калууда. Республикачылар шайлоолордо жеңип чыгуу максатында Обаманын демократ админстрациясынынын ийгиликтүү болуп көрүнүшүнө жол бербестикке аракет кылып жатышат жана президентти өз өкүмдөрүнө моюн сундурууну каалап жатышат. Күрөш эки тарап ортосунда уланышы көрүнүп турат. Обама админстрациясынын Иранга каршы киргизилген жаза-чаралардын кээ бирлерин алып таштоого жетишүүсү күтүлүүдө. Бирок, кээ бир тоскоолдуктар бар болуп, бул тоскоолдуктар бул админстрациянын жаза-чараларды алып ташташына

мүмкүнчүлүк бербейт, аларды конгресстин ыраазылыгы менен гана алып таштоого болот. Ошондуктан, Иранга каршы жаза-чаралардын кээ бирлери башка бир мөөнөткө чейин асылган абалда кала бериши ыктымалдан алыс эмес.

г) Яхудий вужудунун премьер-министри Нетаньяху ээлеген позиция куйтулук позициясы болуп эсептелет. Ал Америкадан кошумча жардамдарды жана яхудий вужудун коргоо туурасындагы убадаларды алуу о.э. шайлоодогу максаттарына жетишүү максатында (ал шайлоолордо жеңип чыкты) бул маселе жаатындагы мурунку позициясын баса белгилөө о.э. 2016-жылда Америкадагы президенттик шайлоодо бийликке келиши күтүлүп жаткан республикачылар менен өзүнүн алакаларын күчөтүү үчүн ушул позицияны карманды. Себеби, яхудийлер мамлекети өзүнүн Америкага жалбарышын үзүп коюуга батынбайт.

д) Иран жөнүндө айта турган болсок, ал өзүнүн уранды байытууну күчөтүү туурасындагы программасынан баш тартты жана бул байытуу эң төмөн даражага түшүрүлгөн болушун кабыл алды, мунун натыйжасында андан ядролук курал иштеп чыгаруу мүмкүн болбой калат. Иран центрифугалардын санын үчтөн экиге азайтты, калганы да 25 жылга чейин эл аралык көзөмөл астында болот. Иран буга, анын президенти айткандай, мына ушул мөөнөт ичинде катуу амал кылат. Иран үчүн маанилүүсү өзүнөн жаза-чаралардын алып ташталышы жана өзүнө Америка тарабынан «ортоктош кызыкчылыктар» деген шылтоо менен сызып берилген ролду ойношу үчүн регионго кирип баруу о.э. Америка менен биргеликте аракет кылып, өзүнүн региондогу ролун ишке ашыруу. Эгерде Ирандагы өкмөт окуяларды аң-сезимдүү түрдө жакшы түшүнгөндө, анда тикенден түшүм алууну үмүттөнүп болбостугун жана эң чоң шайтандан (Америкадан) бирер жакшылыкты күтүүгө болбостугун албетте түшүнгөн болор эле. Лозаннадагы ядролук келишим ушуну айтып турат.

**16-жумадус-саний, 1436-х.**

**5-апрель, 2015-м.**

## Ирандын региондогу ролу

**Суроо:**

*Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, урматтуу шайх, сизди Аллах коргоосу жана баанегинде сактасын. Мындай суроо бермекчимин: Эмне үчүн АКШ Ирандын түрдүү аскерий мүмкүнчүлүктөрү мынчалык тез өнүгүшүнө жол коюп берди. Себеби, Иран учурда Ирак, Сирия, Булуң жана жалпысынан алганда жалындап жаткан региондогу окуялардын жүрүшүнө таасир көрсөтүүчү ролдорду ойноо жагынан региондогу эң маанилүү мамлекеттердин бирине айланып калды? Америка чеңгелинен чыгып бара жаткан бул ролду чеңгелден чыгарбастыкка америкалыктар саясаты эмнеден турат? Аллах сизге жакшылыкты тартууласын...*

**Жооп:**

1 – Иран региондо чеңгелден чыгып кетүүчү ролду ойноп жатат деген сөз орунсуз. Себеби, Иран региондогу бардык маселелерде Америка менен бирге аракет кылып жатат... Иран Американын бул региондогу саясатында борбордук орунду ээлей турган мамлекет. Америка Иракта, Сирияда, Йеменде, Афганистанда, Ливанда жана башка өлкөлөрдө ага таянууда... Ирандын иштерине тереңирээк назар таштаган адам муну анык көрөт. Кала берсе, Ирандын бир нече жетекчилери анын Америка менен кызматташуусу Америкага Афганистан жана Иракты басып алуу мүмкүнчүлүгүн бергенин айтышкан... Башка маселелерде да ушундай.

2 – Биз хижрий 1434-жылы 14-шаввал, миладий 2013-жыл, 21-августта «Ирандын Америка сасатына карата вакиъси?» деген аталыштагы суроого жоопту чыгарып, анда Ирандын Америка менен алакасынын түпкү мааниси жана Ирандын Америка менен региондогу маселелердеги кызматташтыгын кеңири баян кылган элек. Ошондуктан, ошол жоопто

келген нерселерден кабардар болуу үчүн ага кайрылышыңыз мүмкүн, мен сизге төмөндө ошонун кээ бир жерлерин келтиремин:

( – бул региондо Иран ишке ашырган бардык саясий иштер Америка долбоорлоруна ылайык жана шайкеш абалда ишке ашырылды:

– Мисалы, Ливанда Иран өз мазхабынын тарапкерлеринен өзүнүн хизбин түздү жана аны куралдантты. Натыйжада, бул хизб Ливанда Ливан армиясынан бөлөк атайын бир армияга айланып калды. Ливан режими бул хизбди жана анын куралданышын моюнга алды. Белгилүү болгондой, Ливан режими илманий режим болуп, ал Америка саясатына баш ийет. Ливан режими бул хизбден башка хизбдердин курал көтөрүп жүрүшүнө уруксат бербеди жана башка тан албады. Ливандагы Иран хизби Америкага көз каранды болгон Сирия режимин кудум Иран сыяктуу колдоп-кубаттады. Ливан режими Иран хизбинин Сирияга Башар Асаддын илманий режимин колдоо үчүн аралашуусуна уруксат берди. Бул ишке болсо Америка тоскоолдук кылбады. Тескерисинче, Американын тымызын ыраазылыгы менен болду. Америка бул хизбдин Ливан армиясынын тоскоолдугусуз Сирияга аралашуусуна тымызын ыраазылык берди.

– Америка Иракты басып алганда каршылыкка туш келди. Америка муну күтпөгөн эле. Ошондуктан, Америка Иранды Иракка – ал жердеги анын мазхабына ээрчигендерге таасир өткөрүп, баскынчыга каршы аракет кылышына жол бербөө үчүн – киргизди. Ирандын Америкага жасаган кызматы ушуну менен гана чектелип калбады, ал өз мазхабынын ээрчүүчүлөрүн каршылык кыймылына каршы тура турган, баскынчыга о.э. бул баскынчы Иракта орноткон режимге мыйзамдуу түс бере турган кимселерге да айлантты. Айрыкча, 2005-жылдан кийин ушундай болду. Ошол жылы Америка Иранды колдоочу партиялар коалициясынын бийликке келишине жол ачып берди. Ибрахим Жаъфарий башчылыгындагы, кийин болсо Маликий башчылыгындагы өкмөт бийлик башына келди. Бул өкмөттөр Америка тарабынан түзүлгөн жана Америкага көз каранды

өкмөттөр. Иран колдоп жаткан Маликий өкмөтү баскынчы Америка Ирактан расмий түрдө чыгып кеткенден кийин да Америка тасирин сактап калуу үчүн Америка менен коопсуздук жана стратегиялык келишимдерге кол койду. Бул болсо Америка Ирандын аткарып жаткан ролунан ыраазы экенине далалат кылат. Иран жооптуулары Америкага Ирακты басып алышында жана Иракта Америка таасирин бекемдөөнү камсыздоодо жардам беришкенин моюнга алышты. Иран Иракта Америка бул өлкөнү басып алгандан кийин эле өз элчилигин ачты. Жаъфарий шайланышы менен эле ошол убактагы Иран тышкы иштер министри Камал Харразий 2005-жылы Багдадга келди. Акыйкатта болсо, ал убакта баскынчылык чокусуна чыккан эле. Америка да, Иран да баскынчыга каршы алып барылып жаткан каршылык кыймылынын аракеттерин «Иракта терроризмди каралоо» деген шылтоо астында каралап чыкты. Жаъфарий Иранга барып бир нече чалгындоо маалыматтары менен айырбаштоо келишимдерине, анын катарында, чегара өтүү жолдорун көзөмөлдөө жана коопсуздугун бекемдөө, Басраны Иран электр тармагына байлоо, Басра менен Абадан ортосунда нефть түтүктөрүн жаткырууга тиешелүү эки мамлекет разведкалары ортосундагы кызматташтык келишимдерине кол койду....

– Ирандын Сирия режими менен болгон алакасына келсек, бул алака эски алака болуп, ал өткөн кылымдын сексенинчи жылдарынын башында жалындаган биринчи интифазадан бери уланып келүүдө. Ошол убакта Иран Сирия режими Сирия калкы болгон мусулмандарды репрессия кылышын колдоп-кубаттады. Мындан Сирия режимин Асад үй-бүлөсү башчылыгындагы бул режимди колдоп жаткан Америка долбоору алкагында сактап калуу көздөлгөн. Акыйкатта болсо, Иран бул режимдин улутчул, баасчы илманий режим экенин, согуш алып барган Саддам режиминин эгизи экенин, Исламга эч кандай алакасы жок экенин, тескерисинче, Ислам жана анын калкына каршы согуш алып барып жаткан режим экенин жакшы билген. Иран бул режимдин Америкага көз каранды экенин абдан жакшы

түшүнөт эле. Ошого карабастан, Иран мусулмандардын акы-укуктарын коргободу, тескерисинче, мусулмандарга каршы күрөш алып барды, кылмышкер куфр режимине жардам берди жана дагы эле ошентип келүүдө. Иран режими Сирия жетекчилиги менен бекем алакаларды сактап келүүдө. Бул алакалар аскерий, экономикалык жана саясий алакаларды өз ичине камтыйт. Иран Асад режимин колдоп-кубаттоо үчүн ага көптөгөн курал-жарактарды жеткирип берди, Сирияда энергия запастары жоктугун эсепке алып бул режимге төмөн бааларда нефть жана газды жеткирип берди. Асад режими кулоого жакын турганда Ирандын Сирия интифазасына аралашуусунда өзгөчө саясий алакаларын күзөтүү мүмкүн. Ошондуктан, эгер Иран Ыңкылап Сакчылары Күчтөрүн, Иран хизби күчтөрүн жана Иранга көз каранды Маликийдин куралдуу топторун жиберүү аркылуу аралашпаганда, Башар жана анын режими албетте кулаган болот эле. Кусайр жана Химстеги кыргындар, бүгүн болсо Гута жана башка жайлардагы химиялык кыргындар мына ушул аралашуууга күбөлүк берүүчү далилдер.

– Афганистанда да Иран баскынчы Американы колдоп-кубаттады. Америкага кызмат кылуу үчүн Америка иштеп чыккан конституцияны жана Карзай башчылыгында түзүлгөн өкмөттү колдоп-кубаттады. Америка Талибанды жеңе албаганда Иран мамлекеттин түндүгүндө коопсуздугун камсыздоону өз мойнуна алды. Ошондуктан Иран республикасынын мурунку президенти Рафсанжаний: «Эгер биздин күчтөрүбүз Талибанга каршы согушта жардам бербегенде америкалыктар афган баткагына албетте батышмак», - деген. (Шаркул Авсат гезити, 2002-жыл, 9-февраль). Ирандын мурунку президенти Хатамийдин укуктук жана парламент иштери боюнча орун басары Мухаммад Али Абтахий болсо 2004-жылы 13-январда Эмирликтердин Абу Даби шаарында өткөрүлгөн «Булуң жана келечектеги коркунучтар» конференциясында ушуларды айткан: «Эгер, Иран жардам бербегенде Кабул жана Багдад мынчалык оңой кулабайт эле. Биз мунун акысына «сыйлыкка» ээ болдук жана бизди карасанатайлык огуна кошушту!»

(Ислам онлайн.нет, 2004-жыл, 13-январь). Президент Ахмади Нажад да дал ушул сөздөрдү БУУ жыйынына катышуу үчүн Нью-Йоркко барганда, 2008-жылы 26-сентябрда «Нью-Йорк таймс» гезити менен болгон маекте айтып мындай деген: «Иран Афганистанда Кошмо Штаттарга жардам колун созду, мунун натыйжасы болсо Америка президенти бизге каршы түздөн-түз аскерий чабуул кылуу жөнүндө коркутууларды жолдоду. Биздин мамлекетибиз Иракка тынчтык жана туруктуулукту орнотууда да Америкага жардам көрсөттү».) цитатанын аягы.

3 – Жогоруда айтылган бардык нерсеге ядролук программа боюнча сүйлөшүүлөр иши жетип барган нерсе жана Американын бул ишти жабууга катуу туруп урунуп жатканы далил боло алат, Американын мындан максаты Иран менен ашкере алакаларды жакшыртуу. Себеби, ошондо Иран Америка ушул региондо сызып берген ролду мурункудай чүмбөттөп, жашырып отурбастан аткара алат. Иран бул ролду «ортоктош кызыкчылыктар» деген шылтоо менен аткарат! Америка президенти Ак үйдүн алдында Иран менен түзүлгөн акыркы ядролук келишим боюнча сүйлөгөн сөзүндө бул келишимди «Биздин негизги максаттарыбызга жооп бере турган жакшы келишим» деп атады, Обама «Иран калкына келсек, биз ортоктош кызыкчылыктар үчүн кызматташууга даярбыз» деди (Американын «Сава» радиосу, 2015-жыл, 2-апрель)... Демек Америка президентинин сөздөрүндө анын Иран менен ортоктош кызыкчылык деген чүмбөт астында кызматташууну каалап жатканы анык көрүнүп турат! Эң чоң шайтан менен ортоктош кызыкчылык – бул Американын бул региондогу пландарын ишке ашыруу. Мындан башка кандай ортоктош кызыкчылык болушу мүмкүн?

4 – Йемен окуяларында да Америка менен Иран, Хусийлер ортосунда бири-бирине ылайык пландар болду жана болууда! Хусийлердин Иран менен алакада экендигине далил келтирүүгө муктаждык жок, себеби, бул алака ачык-айкын... Американын Хусийлерди колдоп-кубаттап жатканына келсек, көзү жана пикири бар ар бир адам муну анык билип турат.

Себеби, Америка Йеменде бардыгына белгилүү болгон акмактарча кекирейиши менен т.а. курал күчү жана зомбулук менен иш жүргүзүүдө. Ошондуктан, Хусийлер Санъаны жана башка жерлерди басып алышты, алар адамдарды «элдик козголоң жана элдик комитеттер...» деген чүмбөт астында камакка таштап жана өлтүрүп жатышат. Америка Хусийлердин бул иш-аракеттерин саясий жана коопсуздук жактан колдоп-кубаттап келе жатат. Саясий жактан Америка Хусийлерди ал-Каида сыяктуу террорчулар деп эсептебеди, тескерисинче, аларды бир саясий кыймыл деп эсептеп жатат! Мисалы, Америка элчиси Мэтью Тьюллер 2014-жыл, 18-сентябрда өткөргөн маалымат конференциясында мындай деди: «Биз саясий иш-чараларда катышкан мына ушул жамааттарды бири-биринен айырмалайбыз, мисалы Хусийлер кыймылы улуттук диалог конференциясында катышты жана мунун натыйжасында көптөгөн оң натыйжаларга жетишилди, Хусийлердин өз саясий позициялары жана мыйзамдуу умтулуулары бар... Ушуга ылайык биз Хусий жана анын аракетинин башка саясий жамааттар жана партиялар ишке ашырып жаткан иштердин өзүн ишке ашыруусун колдоп-кубаттайбыз» (Пресса күзөтүүчүлөрүнүн сайты). Коопсуздук жагынан болсо, Хусийлер Санъага кирген кезде армия жана полиция аларга каршылык көрсөттү жана 2014-жыл, 9-сентябрда Хусийлерден жети адамды өлтүрдү. Мунун натыйжасында «тараза ташы» Ходийдин пайдасына ооп кетейин деп калды, бирок, Америка шашылыш түрдө БУУнун өкүлү, түпкүлүгүндө болсо Америка өкүлү болгон ибн Умарды жиберди. Бул малай өкүл Ходийге басым өткөрдү, сүйлөшүүгө чакырып маселени дагы кайрадан көтөрдү. Америка Хусийлерге сүйлөшүүлөр учурунда аракетти күчөтүү туурасында «жашыл чырак» жагып берди. Мунун натыйжасында малай өкүл ибн Умар көрүнүшүндө Ходийге өткөрүлгөн жана Америка басымдары менен кубаттанган Хусийлер кырдаалды курчутушту.

5 – Кала берсе, акыркы окуялар бул колдоп-кубаттоону тастыктап жатат. Мен сизге бул маселе туурасында 2015-жыл, 27-марттагы

баракчабызда келген кээ бир нерселерди келтирип өтөмүн: (... Америка Хусийлерге – алар Йемен үстүнөн өз көзөмөлүн күч менен орното алышы үчүн – Иран аркылуу түрдүү курал-жарак жана техникалар менен жардам берди. Себеби, Америка Йемендеги саясий чөйрөнүн негизги көпчүлүгү англистердин куурчактары экендигин жакшы билет... Ошентип, Хусийлер Йемен үстүнөн өкүмдар болууга жетише турган күчүбүз бар деп ойлошту. Ошондуктан, алар президентти – өздөрү каалаган мыйзамдарды чыгартып алуу үчүн – курчоого алышты, президент буга башында ыраазылык бергендей болду. Бирок, муну аткарууну кечиктирди, акыры Хусийлер аны мажбурий үй камагына алышты. Ошондон кийин президент алардын чеңгелинен качып чыкты жана Аданга кетти. Хусийлер аны куугунтуктады. Ал алардан экинчи жолу качып кутулду... Америка өзүнүн малайларына айланган Хусийлердин кыйын абалга түшүп мамлекет бойлоп жайылып кетишкенин түшүндү. Себеби, алар өз өкүмдарлыктарын да орното алышпады жана өздөрүнүн «уя»ларында өздөрү ээ болгон мурдагы күч-кубатка да кайрадан ээ боло алышпады. Ошондуктан, Америка аларды чектелген аскерий операция жолу менен куткаруу пикирине келди. Америка ушул аркылуу бир ок менен эки коёнду атып алмакчы. Ушундай максатта Америка Хусийлерди чабуулга учураган жабырлануучу кылып көрсөтүү жолуна өттү. Себеби, адамдар зээнинде Хусийлердин карасанатайлыгы орношуп калды. Америка жалгыз өзү ишке ашыра албай жаткан ишке карата орточо чечимге жетишүү үчүн сүйлөшүүгө байланыштуу басымдуу чөйрө жаратмакчы... Бул  абал жүз берген жана жүз берип жаткан иштерди күзөтүү аркылуу анык көрүнүүдө. Мисалы, Саудия мына ушул аскерий операциядан мурда Америка менен кеңешти. Активдүү аскерий ролду аткарып жаткандар Американын малайлары, айрыкча Саудия падышасы Салман жана Мисрдин президенти Сиси ушундай малай. Булуң мамлекеттери, Иордания жана Магриб болсо Британиянын Америка менен атаандашуу боюнча адаттагы саясий ролго жакыныраак. Британия өзүн көрсөтүү үчүн, өткөрүлө турган

сүйлөшүүлөрдө «олжодон» үлүшкө ээ болуп калуу үчүн жана таасир деген «таттуу»ну бөлүшүү үчүн Америка менен ушундай атаандашат... Басым өткөрүүчү аскерий операциялар кээде сүйлөшүүлөргө жол ачууда ийгиликтүү болсо да, бирок алар башка кездерде зыянга да алып барат. Мунун натыйжасында иштер дагы туруксуз болуп кетет жана Йемен мунун жалынында күйүп бактысыз болот. Акыйкатта болсо, Йемен жакында эле – малайлар жана колонизатор кафирлердин ыпылас кадамдары анын пакиза топурагын баса элегинде – бактылуу эле). Аягы.

Жүз берип жаткан окуялар жараянын жана анын натыйжаларын көңүл коюп кеңири күзөтсөк, Американын иштер жараянына өз өкүмүн өткөрүп жатканы белгилүү болот. Мисалы, Саудия жан үрөп куралдуу чабуул уюштуруп жатат, мунун төлөмүн болсо мусулмандар төлөп жатышат, курман болуп жаткандардын өтө көпчүлүгү карапайым жарандар, алардан аз эле бөлүгү Хусийлер... Иран болсо аралашпай узактан күзөтүүнү улантууда, акыйкатта болсо Хусийлердин башына түшүп жаткан «Бекемдик бороону» бомбаларынын добуштары угулуп турат!

Бул болсо, аракеттер «маэстро»су Хусийлерди өлтүрбөстөн аларды куткара турган, аларды бир четке сүрүп койбостон аларга бир салмактуу үлүштү бере турган чечимдерге жетишүү үчүн «агымды» тартипке салып турганына далалат кылат... Саудия муну түшүнүп турат, ошондуктан ал өзүнүн Бекемдик бороону жана арзуусун» ушул «агым» боюнча жүргүзүүдө... Иран да муну түшүнүп турат, ошондуктан аскерий жактан аралашпай ушул «агым» боюнча күзөтүп турат! Күзөтүп эле калбастан, балким, Иран Йеменга «жардам» алып бара жаткан кемелерин – алар Йемен портторуна жетип бара элегинде – текшерилишине ыраазылык берди. Себеби, Америка ушуну каалады, натыйжада Иран Американын каалоосуна баш ийди! Ошентип, демек Саудия өзүнүн «Бекемдик жана үмүт бороонун» Америка көрсөтмөлөрү боюнча тартипке салып жаткан болсо Иран да кудум ушундай кылууда. Себеби, экөө (Саудия жана Иран) да биз баян кылып

өткөн бул «кызуу» операциялардан негизги максат эмне экендигин жакшы билет. Бул малайлар мына азыр суук чечимдерден мурда боло турган «кызуу» тынчтыкты көздөй багытталышууда!

6 – Тыянак ушул, Иран Америка саясаты чеңгелинен «качып чыгып бара жаткан» жок, тескерисинче Иран бул чеңгелден чыкпайт, булардын бардыгы эң чоң шайтан менен ортоктош кызыкчылык деген шылтоо астында ишке ашырылууда!

**15-шаъбан, 1436-х.**

**2-июнь, 2015-м.**

## Иран менен Батыш ортосундагы ядролук келишим

**Суроо:**

*Коопсуздук Кеңеши 2015-жылы 20-июль күнү Иран менен «5+1» мамлекеттер тобу ортосунда Австриянын Вена шаарында 2015-жылы 14-июль күнү кол коюлган ядролук келишимди тастыктады. 2015-жылы 2-апрелде Швецариянын Лозанна шаарында кол коюлган алкактык келишимге ылайык, бул келишимге кол коюу 2015-жылдын 30-июнуна белгиленген эле. Бирок, кол коюу эки жолу узартылды. Бул келишим эмнелерди камтыйт? Анын натыйжалары кандай жана региондогу абалга кандай таасири кылат? Бул келишим кимдин кызыкчылыгына кызмат кылат? Аллах сиздерди жакшылык менен сыйласын.*

**Жооп:**

Жооп анык болуш үчүн таасир өткөргөн мамлекеттердин билдирүүлөрүн жана позицияларын карап чыгуу зарыл:

1 – Бул келишимге Венада кол коюлары менен эле Америка президенти телевидениеде кайрылуу жасап мындай деди: «Бул келишим Ирандын ядролук куралга ээ болушунун ар кандай жолун тосот... Себеби, келишимде Иранда орнотулган центрифугалардын үчтөн эки бөлүгүн алып салуу, аларды эл аралык көзөмөл астында сактоо жана байытылган урандын 98%ын жок кылуу көрсөтүлгөн. О.э. эгер бул келишимдин аткарылбай

жатканы жүз берсе, санкцияларды кайрадан колдонуу жана зарыл болгон учурда кайда болбосун жана ар убакта объектилерди туруктуу текшерүүдөн өткөрүү үчүн эл аралык агенттигине кирүү укугун берүү көрсөтүлгөн». («Би-Би-Си», 2015-жыл, 14-июль).

Америка мамлекет катчысы Жон Керри мындай деди: «Иран менен түзүлгөн ядролук келишим бир нече баскычтарда ишке ашат, бул, Коопсуздук Кеңеши тарабынан аны тастыктоо жөнүндө резолюция чыккандан тартып 90 күндөн кийин башталат, (келишимдеги) айрым бөлүмдөрдүн күчкө кириши 15 жылга созулат, башка бөлүмдөр болсо, 25 жылга чейин күчүндө кала берет». («Русиял Явм», 2015-жыл, 14-июль).

Ар дайым Американын пикирин айгинелеп келген БУУнун башкы катчысы бир билдирүүдө мындай деди: «Үмүт кылып анык ишенемин, бул келишим Ортоңку Чыгыштагы маанилүү коопсуздук проблемаларында бири-бирин дагы да көбүрөөк түшүнүүгө жана өз ара кызматташтыкка алып келет». Ал минтип кошумчалады: «Ошентип, бул келишим региондогу жана бул региондон тыштагы тынчтык жана туруктуулукка маанилүү салым кошуусу мүмкүн». («Элаф», 2015-жыл, 14-июль).

2 – Ал эми, Европа алтылык тобундагы ортоктош үч тармагы: т.а. Франция, Британия жана Германия о.э. бүткүл Европа бул келишимди колдоп-кубаттады. Европа алакалары боюнча жооптуу Могерини мындай билдирди: «Бул келишим, шек-күмөнсүз, тарыхий окуя жана жакшы келишим, себеби, анда Ирандын ядролук программасы тынч максаттарда болушу жана башка бир катар иш-чаралар көрсөтүлгөн, бул иш-чаралардын бири – Иран ядролук куралга ээ болушуна мүмкүнчүлүк берген изилдөөлөрдү өткөрүүгө же программаларды өнүктүрүүгө аракет кылбастыгы, бул акыры эмес, тескерисинче, Иран менен эл аралык тараптардын ортосундагы кызматташтык баскычынын башталышы». («Русиял явм», 2015-жыл, 14-июль).

Француз президенти Иран менен ири мамлекеттер ортосунда түзүлгөн бул ядролук келишимди алкыштады. Француз президенти телевидениеде улуттук майрамга байланыштуу сүйлөгөн сөзүндө мындай деди: «Биз кол койгон бул келишим абдан маанилүү, дүйнө алга карай кадам таштайт»... Британия тышкы иштер министри Филип Хаммонд да үчтүк кол койгон бул «тарыхий келишимди» мактап: «Ал Иран менен кошуна мамлекеттер жана эл аралык үй-бүлө ортосундагы алакаларда маанилүү өзгөрүү жасайт...», - деди. («Элаф», 2015-жылы 14-июль). Германия тышкы иштер министри Франк Вальтер Штайнмайер болсо мындай деди: «Бул келишим Ортоңку Чыгышта тынчтык орнотулушуна салым кошот... бул, жоопкерчиликтүү келишим, ошон үчүн Израиль бул келишимге этибар берип, сындабашы керек». («Эй-Ар-Ди» немис телевидениеси, 2015-жыл, 14-июль).

3 – Ал эми, Россия менен Кытай эч кандай шарт койбоду, Батыш койгон ушул шарттарга каршы да чыкпады жана болгон бардык нерсеге ыраазылык билдирди:

Россия жөнүндө айтсак, орус президенти Путин – Россиянын карманган позициясы үчүн Россияга бир аз этибар берилиши үчүн – жыйынтыктоочу келишимге кол коюлары менен эле Америка президенти менен телефон аркылуу байланышып, өз «кубанычын» билдирди. Себеби, Россия Американы колдогон позицияда турду. Америка Иранга жана анын ядролук программасына байланыштуу бардык нерседе Россиянын макулдугун алган. Анткени, Америка мамлекеттик катчысы Керри Россияга келип, президент Путин жана кесиптеши Лавров менен 2015-жылы 12-майда Сочиде өткөргөн жолугушууда ядролук келишим жөнүндө өтүп жаткан сүйлөшүүлөргө ишара кылып мындай деген: «Бул маселедеги Москва менен Вашингтон ортосунда тилектештик – жыйынтыктоочу келишимге кол коюунун ачкычы». Ошондуктан, орус президенти Путин Ирандын ядролук программасы жөнүндө түзүлгөн бул келишимди алкыштап: «Эл аралык үй-бүлө узак жылдарга созулган сүйлөшүүлөрдөн кийин кол коюлган бул келишимди «зор

кубаныч» менен күтүп алды», - деди. Өз кезегинде орус тышкы иштер министри Лавров: «Россия бул келишимди ишке ашыруу үчүн таштала турган амалий кадамдарга өз салымын кошот», - деп убада берди. («Элаф», 2015-жыл, 14-июль).

Ал эми, Кытай өкүлү: «Бардык тараптар бул ядролук келишимди ишке ашырууда оң жактуу рух менен куралданышы керек», - деп, Иран менен түзүлгөн бул келишимди биринчи он жылдыкта ишке ашыруу чоң мааниге ээ экенин көрсөтүп өттү. («Вифак» сайты, 2015-жыл, 20-июль). «Обама Кытай президентине Иран менен болгон сүйлөшүүлөрдө ойногон ролу үчүн ыраазычылык билдирди». («Арабийя» спутникалык каналы, 2015-жыл, 21-июль).

4 – Иранга келсек, анын бул келишим жөнүндөгү кубанычы чексиз болду! Иран эң чоң жана кичине шайтанды «унутту», аныгы, өзүн унуткандай көрсөттү. Себеби, Иран телевидениеси Америка президенти Обаманын келишимге кол коюлгандан кийин сүйлөгөн сөзүн түз эфирде көрсөттү. Бул, Иран телевидениеси 36 жыл ичинде Америка президентинин сөзүн түз эфирде көрсөткөн экинчи окуя. Белгилүү болгондой, эки мамлекет ортосундагы дипломатиялык алакалар 1980-жылдан тартып үзүлгөн эле! Обамадан кийин Иран президенти бир нече мүнөт сөз сүйлөп, бул келишимди Иран менен Батыш ортосундагы өз ара ишенимди тургузуунун «башталгыч чекити» деп атады. Ал мындай деди: «Эгер, бул келишим туура ишке ашырылса, ортобуздагы ишеничсиздикти даражама-даража жок кылуубуз мүмкүн...». («Элаф» сайты 2015-жыл, 14-июль).

5 – Ошентип, сүйлөшүү алып барган бардык эл аралык тараптар (5+1) бул келишимди «тарыхий окуя» деп эсептеп, Американы ээрчишти. Бирок, эки тарап (Америкадагы республикачылар партиясы менен яхудий вужуду) бул келишим Америка кызыкчылыгына каршы келгени үчүн эмес, тескерисинче, өздөрүнүн карөзгөй максаттарын ойлоп бул келишимге каршы чыгышты...

Республикачылар партиясы бул келишим Америка кызыкчылыктарына кызмат кылышын абдан жакшы билет. Бирок, бул партия өз адатынча демократтар партиясына – Америка кызыкчылыктарына аябай мыкты кызмат кылган бул турмуштук маанилүү долбоор ишара кылынып – ийгиликке жетишине жол бербөө үчүн жан үрөп күрөшөт, айрыкча, шайлоолор жакындашып калганы үчүн мына ушундай катуу күрөш алып барат. Бул жаңылык эмес, себеби, Иранда америкалыктар барымтага алынган окуя жакшы эсибизде, бул проблема 1979-жылы 11-апрелден тартып 1981-жылдын 20-январына чейин созулган эле. Ошондо республикачылар – бул проблема республикачылар доорунда гана чечилиши үчүн – Американын ошол убактагы демократ президенти Картердин барымтага алынган америкалыктарды азат кылып, бул проблеманы чечүүдөгү бардык аракеттерин оңунан чыгарбоо үчүн болгон күч-аракеттерин жумшашкан. Кийин ошондой болуп чыкты т.а. республикачылар партиясындагы белгилүү жооптуулар Хумайний бийлигиндеги белгилүү жооптуулар менен байланышып, Картер доорунда ушул барымтага алынган америкалыктарды азат кылуудагы бардык иш-аракеттерди кыйратууга жана бул азат кылууну Америкадагы президенттик шайлоодон кийин Рейгандын президенттик дооруна чейин кечиктирүүгө келишип алышты. Мунун акысына Иранга Америка курал-жарактары берилип, Ирандын банктардагы аманат акчалары тоңдурулбай турган болду... Ошентип, Рейган 1981-жылы 20-январда президенттик антын берери менен эле Ирандагы ошол барымтага алынган америкалыктар жыйырма мүнөт ичинде азат кылынып, бир нече саат ичинде эле Вашингтонго жеткирилди. Ошондон кийин Рейган тарапкерлери бул «керемет» жөнүндө жана бул проблема Рейган президенттик кызматка келиши менен эле чечилгени жөнүндө жар сала баштошты!

Азыр да дал ушундай болууда, себеби, бул эки партия ортосунда шайлоо алдындагы күрөш башталды. Түпкүлүгүндө, Иран менен түзүлгөн бул келишим Америка кызыкчылыктарына тескери келбейт, эки партия тең бул

ядролук келишим Америка үчүн жеңиш болгонун абдан жакшы түшүнүшөт. Бирок, республикачылар, айрыкча, президенттик шайлоо жакындашып калганда бул турмуштук маанилүү долбоор демократтарга ишара кылынып, алар утушка жетишүүсүн таптакыр каалашпайт. Ошондуктан, республикачылар бул келишимге каршы чыгышты. Белгилүү болгондой, республикачылар көп орундарды ээлеп үстөм болуп алган конгресс бул келишимдин кол коюлушуна каршы чыкты. Себеби, конгресстин 2016-жылы ноябрь айында өтө турган президенттик шайлоого карата партиялык пландары бар. Ошондуктан, республикачылар партиясы азыр демократтар партиясына таандык болгон Обама башчылыгындагы администрация жаркыраган утушка жетишип көзгө көрүнүшүнө жол бербөөгө жан үрөп аракет кылып жатат. Себеби, демократтар партиясы бул утуш аркылуу президенттик шайлоодо жеңип чыгышы мүмкүн. Обама да муну өтө жакшы түшүнөт, ошондуктан, ал, эгер республикачылар акырына чейин каршы чыгып, бул келишимди конгрессте бекер кыла турган болсо, вето укугунан пайдалануу менен коркутту...

Ал эми, яхудий вужуду, шек-күмөнсүз, ал да мындай келишим жети уктап түшүнө кирбегенин абдан жакшы түшүнөт. Себеби, бул келишим яхудий вужудун бул региондо эч бир талашсыз ядролук куралга ээ жалгыз зордукчулга айлантат... Бирок, ошого карабастан, яхудий вужуду бул келишимге каршы чыкты. Мунун артында үч нерсе турат, биринчиси: яхудий вужуду президенттик шайлоодо республикачылар партиясынын жеңип чыгышын күтүүдө. Ошон үчүн, яхудийлер республикачылар партиясынын колдоп-кубаттоосуна жетишүү үчүн шайлоо алдындагы кампанияда бул партияны колдоодо. Экинчиси: яхудий вужуду Обаманын «Израилди» ыраазы кылууга аракет кылышын күтүүдө. Себеби, демократтар яхудий лоббисинин добуштарына муктаж, демек, келишимге каршы чыгуу – «шантаждын» каражаты болууда... Үчүнчүсү жана ал эң маанилүүсү: яхудий вужуду Ирандагы жана башка мусулман өлкөлөрүндөгү акимдер – Үммөт

акы-укуктарын жана курал-жарактарын кайдыгерлик менен колдон чыгарышканы үчүн – бийликте узак турбашын жакшы түшүнөт. Кала берсе, Исламий Үммөт өз динине кайта турган жана аалымдары анын турмуштук маанилүү өнөр жайын кайрадан тургуза турган күн да алыс эмес! Яхудий вужуду ушуларды жакшы түшүнгөндүктөн, бул келишим жетиштүү эмес деп айтууда. Анын максаты – Ирандагы жана башка мусулман өлкөлөрүндөгү ядролук куралга тыюу салынгандан кийин ушул өлкөлөрдөгү ядролук тармактын аалымдарын да куугунтуктоо үчүн басымдарды даярдоо...

Ушул себептерге ылайык, яхудий вужуду бул келишимге каршы экенин билдирди. Түпкүлүгүндө, яхудий вужуду республикачылар жана демократтар бул мамлекеттин тынчтыгын жана коопсуздугун сактоо милдетин ар дайым өз мойнуна алып келишин, бул мамлекет өзүнүн тынчтыгын сактоо үчүн Америка кучагына кирүүдөн баш тарта албашын абдан жакшы билет. Себеби, яхудийлер үчүн Аллахтын арканысыз (колдоосусуз) жана адамдардын колдоосусуз эч бир таяныч жок. Алар Аллахтын арканын үзүшкөнүнө өтө көп болду, ошондуктан, алар адамдар тарабынан узатылган арканга бекем жабышып алышкан. Алардын тынчтыгы чет элдик (тышкы) факторго байланыштуу болуп калган. Ошондуктан, мындай келишим (Ирандын ядролук келишими) алардын тынчтыгын сактоодогу таяныч-негиз болуп эсептелет. Демек, яхудийлер түпкүлүгүндө бул келишимге каршы чыккан жок. Ошондуктан, АКШ коргоо министри Картер – Нетаньяху Обамага каршы чыгып жаткан учурда – яхудий мамлекетине сапар менен келгенде чоң ыраазылык менен күтүп алынып, ал мындай деди: «Израиль шек-күмөнсүз Ортоңку Чыгыштагы саясатыбыздын бир таянычы, ошондуктан, биз Тегерандын ядролук куралга ээ болушуна эч качан жол бербейбиз жана бул региондогу союздаштарыбыздын тынчтыгын сактоого жана коргоого милдеттүүбүз» (Басып алынган Куддус, «qudsnet» маалымат агенттиги, 2015-жыл, 20-июль).

6 – Бул билдирүүлөрдөн жана позициялардан ушул нерселер айкын болуп жатат:

а) Америка жетекчилиги бул келишимге кол коюлушун абдан каалаган! Себеби, Америка жетекчилиги бул келишимге карата Ирандын, же Европанын, же башка бир мамлекеттин эмес, кудум өзүнүн тагдырий маселесиндей мамиледе болду... Ошондуктан, Америка президенти сүйлөшүүлөрдү түздөн-түз байланышуу жана бул келишимдин түзүлүшүнө өтө чоң маани берүү менен башкарып турду о.э. мамлекеттик катчысын мурунку байланыштардан тышкары, үч апта аралыгында ушул келишимди түзүү менен алек кылды. Бул болсо, келишим Америка үчүн, анын кызыкчылыктары үчүн жана Обама жетекчилигинин кызыкчылыктары үчүн чоң мааниге ээ экенине далалат кылат. Себеби, бул келишим Иранды ондогон жылдарга кишендеди жана ядролук куралды иштеп чыгуудан алыстатты. Америка президенти жана башка америкалык жооптуулар Ирандын региондогу стратегиялык ролу маанилүү экени, ошондуктан, аны менен кызматташууга даяр экендиктери жөнүндө (негизи, алар Иран менен кызматташууну иш жүзүндө эбак эле баштап жиберишкен) мурун да билдирүүлөрдү беришкен. Иран жооптулары да билдирүүлөр берип, Америка менен Ирак жана Афганистанда кызматташтык кылышканын, «терроризм жана экстремизмге» каршы күрөштө да Америка менен кызматташууга даяр экенин жарыялашкан. Америка Иран жана анын Хизбинин Сириядагы жырткычтыктарына тымызын макулдук бергени да байкалды. Йеменде да дал ушундай, анткени, Америка Йеменде Иранга – Хусийлерге курал-жарак жана аскерий техника менен жардам берип, Йеменде бир ролду ойношу үчүн – маанилүү бир ролду берди. Себеби, ошондо гана Америка Йеменде өз таасирин орното алат... Ошондуктан, бул келишимди айтылган билдирүүлөргө жана Ирандын Америка тарабынан белгиленген жогорудагы ролуна байлай турган болсок, булардын баары Америка бул келишим аркылуу Иранга иштерди жеңилдетип берүү максатын көздөп жатканын

көрсөтүүдө. Иранга карата колдонулган санкцияларды бекер кылуу жана аны менен ашкере алакаларды орнотуу менен Ирандын иштери жеңилдейт. Себеби, ошондо Иран Американын ишин жеңилдетип бере турган, Американы эзип турган оор жүктөрдү жеңилдете турган жана анын бул региондогу мамлекеттер жана калктар үстүндөгү оюндарын чүмбөттөй турган ролду ойноону улантуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Натыйжада, Ирак, Сирия жана Йеменде болгондой, Иран Америка саясатын ишке ашырып берет. Бирок, эми бул малайлык мурункудай жаап жашырылган калың парда артында эмес, тескерисинче, сөлөкөт көрүнгөн жука парда артында, жада калса, эч кандай пардасыз ашкере болот!

б) Башка тараптан болсо, Европанын үч мамлекети сүйлөшүүлөрдөн четке чыгып калганы байкалды! Ошондуктан, болгон сүйлөшүүлөрдү Америка менен Иран бирге даярдаган иш-чаралар десе болот. Бул иш-чаралар санкцияларды бекер кылууну, ядролук келишимди жана Иранды Американын региондогу долбоорлоруна кызмат кылууга кызыктырууну камтыды. Шек-күмөнсүз, Европа муну жана мындан да көбүрөөк жашыруун жолугушуулар болгонун, а түгүл, бүтүндөй ашкере жолугушуулар болгонун жакшы билет эле. Европа америкалык жана ирандык өкүлдөр ортосунда «жетим көпөлөк» сыңары учуп жүрдү... Ошентип, Европага Америка даярдап койгон келишимге негизделиши анык болуп калды. Ошондуктан, Европа, өзгөчө Франция каршылык билдирүүдөн баш тартты жана келишимге кол коюлду... Европа Америка даярдаган бул келишимден, айрыкча, санкциялардын бекер кылынышынан бирер нерсеге ээ болуп алууга умтулду. Ошон үчүн, ушул Европа мамлекеттери Иран майданына ач көздүк менен жутунушту. Британия Тегеранда өз элчилигин ачышын билдирген болсо, Франция өзүнүн тышкы иштер министри Тегеранга жол алышын жарыялады... Ал эми, көп убактан бери Ирандагы келерки пландарды жана долбоорлорду түзүп келген немис компаниялары болсо Иранга карай тезинен аракеттенүүгө шайланды, муну немис маалымат каражаттарынан даана

байкоо мүмкүн. Кудум немистер бул келишимге кол коюлушуна алдын ала ишенишкендей жана Иран ядролук программадан баш тартышын билишкендей аракет кылып келишкен эле. Себеби, алар Иран Американын бир гана ишарасы менен чөгөлөөгө даяр экенин билишкен... Ошентип, финансылык кризистен кыйналып жаткан европалыктар алдында Иранда инвестицияларды жана долбоорлорду колго алып, олжолорго ээ болуу үчүн Иранга карай аракеттенүүдөн башка жол калбады. Себеби, алар Америка менен Иран ортосунда ядролук келишим түзүлүшүнө тоскоолдук кыла албашын же Америка таасирин өзгөртө албашын түшүнүштү. Ошондуктан, алардын алдында Ирандагы инвестициялар жана долбоорлор аркылуу олжолорго ээ болуудан башка жол калбады. Анткени, европалыктар бул инвестициялар жана долбоорлор аркылуу Иран ичинде узак убакыт иш алып барып, Америка таасири жанында Европа таасирин же бул таасирдин бир аз бөлүгүн кайра тургузуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу мүмкүн...

в) Россия менен Кытайга келсек, алар Иранда өз таасирин орнотууга кудуретсиз... Ошондуктан, Америка санкцияларды бекер кылуу менен аларга Иран менен соода алакаларын орнотушун жеңилдетип берүүдөн башка үлүш жок. Орустар менен кытайлыктарга ошонун өзү жетиштүү. Айтып өткөнүбүздөй, Обама алар менен телефон аркылуу байланышып, бул келишимге каршы чыкпаганы үчүн аларга ыраазылык билдиргенин кошумчаласак, анда, бул ыраазылыктын өзү алардын назарында өтө жакшы нерсе эсептелет!

г) Ал эми, Иран санкцияларды бекер кылуу жана коомчулукка кудум жеңип чыккандай болуп көрүнүү менен гана алек болду. Ал тургай, Ислам жана мусулмандар үчүн азиздик-кубат болгон курал Ирандан тартып алынса да, а түгүл, мунун акысына Иран Американын региондогу пландарын мурункудан да ылдам аткара турган болсо да, Иран бар болгону санкцияларды бекер кылуу жана коомчулукка кудум жеңип чыккандай болуп көрүнүү менен гана алек! Ошондуктан, Иран кубанычын жашырган жок.

Иран бул келишим санкцияларды бекер кылат деп жар салып, расмий чөйрөлөрдө тарабынан да, калк тарабынан да колдоп-кубатталганын билдирди. Бирок, Иран мунун акысына Америкага дагы да көбүрөөк малайлык кылышы жөнүндө ооз ачышпады... Мисалы, Иран президенти Хасан Руханий келишимге кол коюлары менен эле Иран телевидениеси аркылуу кайрылуу жасады. Бирок, ал Америка президентинин кайрылуусу бүтүшүн күтүп турду! Ошондон кийин Руханий келишимди мактап, бул келишим Иран каалоолорун жүзөгө чыгарып бергенин айтып мындай деди: «Иранга каршы киргизилген бардык санкциялар бул келишим күчкө кирген күндөн тартып жок болот...».

Иран санкциялардын бекер кылынышы акысына ушундай бир жан берүүлөргө барды дейсиң, Ислам ураанын көтөрүп чыккан режим тиякта турсун, ал тургай, эч бир көз карандысыз режим бул жан берүүлөрдү таптакыр кабыл албайт. Себеби, бул жан берүүлөргө терең назар салган, ал жөнүндө пикир жүргүзгөн ар кандай акыл ээси бул жан берүүлөр коркунучунан үрөйү учат. «Русиял Явм» сайты 2015-жылы 14-июлда келишим жарыялангандан кийин анын эң маанилүү бөлүмдөрүн басып чыкты, алардын айрымдары ушулар:

Иран ядролук программасын узак мөөнөткө чейин чектөө, аны менен бирге, уранды 3,67% көрсөткүчтө байытуу... центрифугаларды үчтөн эки көлөмгө т.а. 5060 центрифугага азайтуу... байытылган урандын 98%ынан баш тартуу... атом күйүүчү майын импорттоп алып келбөө, оор суу менен иштеген реакторлорду курбоо, 15 жылга чейин ядролук курулмалардан бири-бирине техникалык жабдыктарды көчүрбөө... эл аралык атом агенттигинин текшерүүчүлөрүнө – Тегеран менен кеңешилгенден кийин – шектүү ар кандай объектиге, алардын катарында, аскерий объектилерге да киришине уруксат берүү... кошумча 5 жылга чейин курал-жарактарды жана 8 жылга чейин баллистикалык ракеталарды четтен импорттоп алып келүүгө каршы киргизилген тыюу салууну өзгөрүүсүз күчүндө калтыруу... Ирандын

тоңдуруп коюлган миллиарддаган доллар акчаларын азат кылуу... Европа жана Кошмо Штаттар тарабынан Иранга карата киргизилген санкцияларды бекер кылуу...

Сайт кошумчалашынча, Иран эл аралык атом агенттиги менен «Жол картасына» да кол койду, анда мындай делет:

Ядролук тармакта Иранга карата киргизилген чектөөлөрдү 8 жылга чейин өзгөрүүсүз калтыруу... Иран 15 жылга чейин ядролук күйүүчү май боюнча илимий изденүүлөрдү алып барбайт... Ирандагы төмөн даражада байытылган уран запасы 15 жыл ичинде 300 килограммдан ашпашы керек... Иран 15-октябрга чейин эл аралык атом агенттиги менен өткөрө турган диалогдо божомолдогу аскерий багыт түсүндөгү маселелер жөнүндө түшүндүрмө берүүгө милдеттүү.

Ирандын «Фарс» агенттиги 2015-жылы 14-июлда мындай деп билдирди: «Келишим долбоорунда Ирандын бардык объектилери, алардын катарында, аскерий объектилер да текшерүүдөн өткөрүлүшү жана Парчин аскерий объектиси да каралып чыгышы көрсөтүлгөн».

Андан тышкары Обаманын келишимден кийинки кайрылуусунда мындай делген: «... эгер бул келишимдин аткарылбай жатканы жүз берсе, санкцияларды кайрадан колдонуу...».

Бул жан берүүлөрдү дыккат карап чыккан чыккан адам – айтып өткөнүбүздөй – үрөйү учушу анык... Андан да таң калычтуусу, Иран режими бул жан берүүлөрдү жеңиш деп жар салып жатат! Албетте, жаңылышкан адамдар болот. Бирок, алар каталарын моюнга алышып, аны оңдошот же аны оңдоого аракет кылышат. Мындай адамдардын жаңылыштыгын, катасын оңдоого аракет кылышын түшүнүү мүмкүн. Бирок, адамдар Үммөттүн тагдыры туурасында билип туруп, атайын үрөй учурган балекет кадамдардыташташы кырсыктуу караңгылыктан башка нерсе эмес. Ирандагы кээ бир аң-сезимдүү кишилер тарабынан көрүнө баштаган нур-жарыктык бул караңгылыкты бир аз азайтышы мүмкүн. Бул аң-сезимдүү кишилер

режимдин бул жасалма жеңиш жөнүндө жар салышына алданышпады, тескерисинче, алар бул нерсе жеңилүү экенин көрө алышты. Ирандагы «Ража» сайты бул келишимдин шаңдуу белгиленгенин сындап мындай деди: «Ал (т.а. келишим) жеңиш эмес, тескерисинче, кыйратуучу жеңилүү, себеби, ал Ирандын ядролук технологиясынын чоң бөлүгүн жаап койду». («Элаф» сайты, 14-июль). Ал тургай, Хаманаий да жеңиш жөнүндө жар салуу куралы зыян келтирүүчү курал экенин түшүндү. Ал муну айрыкча Иран телевидениеси Обама кайрылуусун Иран президенти кайрылуусунан мурун эфирге бергенден кийин түшүндү! Ошондуктан, «ыңкылап жетекчиси» шашып бул зыянды оңдоого урунуп, Американы кекирейген деп атады жана анын саясаты Американын саясатынан айырмаланышын айтты, ошондуктан, Америка менен сүйлөшүү алып барбашын билдирди... бирок, качан?! Сүйлөшүүгө тойгондон кийинби?! Американын ядролук планы Иранга кыйратуучу сокку бергенден кийинби?!... Ал тургай, санкциялардын бекер кылынышы да, Иран режими бул жан берүүлөрдү актамакчы болуп жаткан акчалардын азат кылынышы да жүйө боло албайт. Руханий өзүнүн кайрылууларында бул шылтоолорду байма-бай айтты: «Бул санкциялар Иран коомундагы көптөгөн проблемаларга себеп болгон». (2015-жыл, 23-июль). Ал муну келишим кол коюлгандан кийин Иран телевидениеси аркылуу кайрылуу жасаганда дагы бир ирет айтып мындай деди: «Бул санкциялар Иран калкында оор издерди калтырды», (2015-жыл, 14-июль). Булардын баары алдоо, себеби, санкциялардын белгилери корлорчо жан берүүлөр менен жок кылынбайт, тескерисинче, Ислам өкүмдөрүн чындан жана ыклас менен колдонуу аркылуу жок кылынат, айрыкча, эл мүлкү жана мамлекет мүлкү өкүмдөрү туурасындагы экономикалык түзүм жардамында жок кылынат, Аллахка берген убадасына бек турган кишилер ушул колдонууга башчылык кылуусу менен жок кылынат. Себеби, бул калыс кишилер Ирандагы, жер түбүндөгү жана үстүндөгү үлкөн байлыктардан туура пайдаланышат. Бул түзүм Аллах Субханахунун Китебинде жана Расулу

агасүннөтүндө жазылган, аны дили бар же өзү күбө болгон абалда акыйкатка кулак салган ар бир киши түшүнөт... Бул өкүмдөрдүн баары адамдарга жашоо тартуулап, аларды бул кыйын жашоодон куткарып бийиктерге көтөрөт, ошондо санкциялардын таасири өз ээсине сокку болот. Эми тоңдуруп коюлган акчалардын азат кылынышына келсек, эгер Иран ошонун акысына баш тарта турган курал-жарактарга кеткен каражаттарды эсептей турган болсок, айырма чоң эмес! Эгер, буга Үммөткө – аны маанилүү бир куралынан айрып – жеткирилип жаткан моралдык зыян кыйматын кошо турган болсок, абал кандай болот?!

Санкциялар корлорчо жан берүүлөр менен эмес, тескерисинче, жогоруда айтылган чечим менен жок кылынат...

إن في هذا لبلاغا لقوم عابدين

***«Албетте мына ушул*** *(Куръанда)* ***ибадат кылуучу коум үчүн жетиштүү нерсе бар»*** [21:106]

**6-шаввал, 1436-х.**

**22-июль, 2015-м.**

## Американын Иран маселесине карата саясаты

Трамп админстрациясы Иран менен болгон алаканы чыңалтып жатат. Бул ачык эле көрүнүп турат. Американын Иранга карата жаңы мындай коркутуу кысымынын алды-артын идирек кылыш үчүн, Американын Иранга карата саясатына, анын Трампка чейин жана андан кийин кандай түс алып жатканына назар салуу менен, анын кайтарапка бурулуп жатканы анык болот:

- Американын Трампка чейин Иранга карата жүргүзгөн саясаты:

1 – Америка Иракка каршы согушунда жана аны басып алуусунда Иранды өзүнө толугу менен кызмат кылдырды. Ирактын батыш жана түндүк провинцияларында Ирандын таасири жокко эсе эле, Америка бул провинциялардагы Иранга ыктаган жамааттарга каршы согуш алып барбады.

Иран Америка менен Ирак жаатында бардык тараптан тил бириктирүүлөр аркылуу иш алып барды. Бул көзү сокур адамга да дайын. Ошондой эле, Йеменде да Иран хувсийлерди колдоду. Хувсийлер Американын эл аралык эммисарлары (мурунку Жамал бин Умар жана учурдагы Валаду Шайх) аркылуу Йемен өкмөтүндө отурукташып калууга аракет кылышты. Америка ТИМи Керри акыркы мөөнөттөрүндө «чоң шайтан Америкага өлүм» деген ураандарды көтөргөн Иран  менен жыйын өткөргөнү сыяктуу эле, хувсийлерди чогулултуп жыйын өткөрдү. Иран Йеменде Америка кызыкчылыгын ишке ашыруу ролун ойнойт. Ал эми Сирияда  болсо Иран өзү жана Хизбулла жамааты аркылуу айдан ачык эле Америка кызыкчылыгы үчүн роль ойноп жатат. Американын эл аралык коалициясы Сирия козголоңун бомбалоого алды. Ал тургай ИГИЛге эле чектелип калбай, көптөгөн топтордун жетекчилерин жок кылды. Ушунун баары терроризмге каршы күрөшүү шылтоосу астында кылынды. Америка ошол эле маалда террористик аскерий жамаат болгон Ирандын Хизбулла жамаатын бомбалабады. Ирандын Сириядагы ролу Америка саясатынын бир бөлүгү. Кийин 2015-жылы июль айында Америка эл аралык күчтөр менен биргеликте, Иран өзөктүк келишимин түздү, ага Обама кол койду. Америка муну менен, айрыкча «араб жазы» революцияларынан кийин, Иран аймакта анын кызыкчылыгын ишке ашырып бериши үчүн, Иранга карата киргизилген санкцияларды жеңилдетүүнү каалады. Американын бул саясатында – Иран нефтисин сатуу аркылуу Сирия, Йемен, Ливанда Америка талаптары ишке ашышын кепилдөөсү үчүн – Иранга нефтисин сатууга жол ачып берүү каралган. Ушундайча 1979-жылкы Иран революциясынан бери Американын Иранга карата билдирүүлөрү жана Ирандын Америкага карата «чоң шайтан» деген  душмандык билдирүүлөрү шамал учурган камгакка окшоп калды. Ал эми иш жүзүндө, Америка менен Иран толук түрдө тил бириктирүү аркылуу иш алып барат. Бул саясат сөз үстүндө эмес, иш үстүндө кылынып жатат.

2 – Обама админстрациясы – өзүнөн мурдагы Америка админстрацияларына салыштырмалуу – Иран революциясынан кийин, Иранды курчап турган аймактарга Ирандын колун көбүрөөк создурган админстрация болуп калды. Ал тургай Сирия, Йемен, Ливан жана Иракта «Ирандын ролу» деген аталыш да пайда болду. Америка Ирандын ролу үчүн анын оозун бош койо беришиндеги түрткүлөрдүн ичинде мурункулары жана кийинки жаңылары бар. Алар төмөнкүчө:

а) Мурунку түрткүлөргө келсек:

Америка Булуң мамлекетеринин нефти ресурстарына үстөмдүк кылганга чейин, бул аймакка кооп-коркунуч жаратуу милдетин Иранга жүктөө. Америка Булуң мамлекеттерине кадам койуп алуу үчүн, Иран ролунан пайдалануу түрткүсү болду. Бирок, Америка үчүн Иран ролу түрткүсүнөн бөлөк, Ирак Кувейтке 1990-жылы бастырып кирүүсү себебтүү, Америкага бул аймактагы мунай ресурстарына ээлик кылып калуу себебтери көбөйдү. Америка бул кагылышуудан пайдаланып, Булуң мамлекеттеринин көпчүлүгүндө өзүнүн аскерий базаларын жайгаштырып алды. Ошондуктан, Американын Булуң мамлекеттериндеги мунайга ээлик кылуу үчүн Иран коркунучун пайдалануусу убактылуу өчүп калды. Анткени, ага Америка мухтаж болбой калды.

2003-жылы кичүү Буштун учурунда жаңы неоконсерваторлордун бийликке келишинен кийин, Америка Ирандын ролу түрткүсүн пайдаланууну кайрадан жандантты. Бирок бул жолкусунда тайпачылыкты козгоо аркылуу пайдаланмакчы болду. Америка Сайкс –Пико чек араларын жаңыдан Америка планы негизинде, мамлекеттерди тайпачылык негизде бөлүүнү баштады. Америка Ортоңку Чыгыштын жаңы жол картасы тууралуу сүйлөй баштады. Американын кан менен жазылган Ортоңку Чыгыш жол картасы негизинде Иран жаңы чек араларды пайда кылуу максатында, тайпачылык жамааттарын колдоого ала баштады. Тайпачылык чек аралары Иракта айдан ачык көрүнө баштады. Кийин Йеменде, Сирияда, Саудияда,

Бахрейнде, Ливанда, Ооганстанда жана Пакистанда көрүнө баштады. Кийин Иран «азчылыкты коргоо» ураанын көтөрө баштады. Тактап айтканда, Ирандын бул кадамы Америка кыйкырып жаткан азчылыкты коргоо саясаты негизинде болду. Мына ушундайча Ирандын ролу кескин түрдө пайда болду.

б) Ал эми жаңы пайда болгон түрткүгө келсек:

Ал «араб жазы». Америка араб жазы себебтүү жаңы кооп-коркунучка кептелди. Араб жазы толкундоолору Тунисте, Йеменде, Мисрде, Ливияда жана Сирияда күтүүсүздөн болду. Америка өз таасирине коркуноч жараткан бул элдик толкундоолор алдында өз таасирин сактап калууга даяр эмес болчу. Америка өз таасирин сактап калуу үчүн аскерлерин да ишке салуусу мүмкүн эмес эле, анткени, Америка коомчулугу Ирак мүшкүлүн баштан кечирип жаткан болчу. Ошондой эле, аймакта анын таасирин толук сактап калууга кудуреттүү жергиликтүү күч да жок болчу. Американын аймактагы Сирия жана Мисрдеги таасирдүү малайлары элдик тоолкундоолор алдында калган эле. Ошондуктан, Америка мындай өзгөчө кырдаалда жаңы түрткүнү тез арада бышып жетилтүү үчүн Иранга көбүрөөк таянууга мажбур болду. Иран айрыкча Сирия козголоңун басууга эт-бети менен кетти. Тороблис жана Сидондогу окуялардан кийин толкундоо жана козголоңдордун алдын алуу үчүн Ливандагы Хизбулла жамаатын күчтөдү. Йемен жана Бахрейнде Британия таасирине каршы Америка таасирин сактап калуу максатында, ал жактагы өзүнө ыктаган жамааттарды колдоосун күчтөдү. Ушунун баары козголоңдорго каршы кылынды. Американын бул жаңы түрткүсү Иранга карата тайпачылык негизде жаңы роль жаратып берди. Ирандын аткара турган бул ролу аймакка карата чоң кооп-коркуноч салды. Американын бул саясаты Америка жана Иран ортосунда ачыктан ачык жакындашууну пайда кылды. Өзөктүк келишиминен кийин, массалык маалымат каражаттары Америкадан Иранга тик учак менен Ирандын Америкадагы тоңдурулган акчасы жеткириле тургандыгы тууралуу айта башташты. Ошондой эле

«Боинг» компаниясы менен соода келишимдери тууралуу да айтыла баштады. Америка жооптуулары Иран менен алаканы жеңилдетүү максатында, Европа банктары менен жыйын өткөрүштү. Бул банктардын Америка санкциялары коркунучан кооптонбостуктарын да билдиришти...

1. 2015-жылы Британия малайы Абдулла өлгөндөн кийин, Салмандын Саудия бийлигине келиши менен Саудия Америка кучагына өттү. 2014-жылы Сиси Миср бийлигине келди. Ушуну менен Америка аймактагы таасирин кайрадан чыңап алды. Америка үчүн Ирансыз эле аймактагы таасирин сактап калуу мүмкүнчүлүктөрү көбөйдү. Бул бир тараптан. Ал эми башка тараптан болсо, Америка Ирандын алсыздыгын байкады. Анткени, Иран өзү жана ага ыктаган бардык жамааттары аркылуу Сирия козголоңун изден чыгара албады. Америка Сирияга Орусияны тартууга өттү. Бирок Орусия Ирандын ордун баса албады. Болгону, Орусия Иранга таяныч эле болду. Ушунун баары Америка үчүн саясатындагы тактикаларын өзгөртүү боюнча пикирлөөгө жол ачты. Жалгыз эле Иранга сүйөнүү эффективдүү иш бербеди.

Обаманын мөөнөтү аяктарына аз калганда, Сирия козголоңунун ачкычтары Түркияга топтолду. Америка «Иран-Орусияны» оюндан алып салуу саясатын жана Түркияга Сирия козголоңунун ачкычтары топтолуусу аркылуу Сирия козголоңун изден чыгарып жиберүү саясатын ортоктош алып барууга өттү. Кийин Сирия оппозоциясын Эр-Риядда үйрөтүү үчүн Саудия ролун ишке салууга өттү.

Мына ушундайча Ирандын аймактагы ролу – Америка тарабынан атайын ишке салынган Америка саясаты. Американын Иранга карата роль берүү саясаты кырдаалга жараша бирде күчөп, бирда азайып турат. 1979-жылдан бери Америка «Ислам революциясы» аталышын берип, Иранды аймактагы мамлекеттерге каршы коркунуч катары пайдаланып келди. Кийин неоконсерваторлор бийликке келгенден кийин, бул коркунучту «тайпачылык негиздеги» коркунучка айландырды. Кийин араб жазы толкундоолору

башталышы менен «аймактагы негизги ролду ойноочу» катары пайдаланды. Бирок кийин Миср, Саудия сыяктуу өлкөлөрдө Америка малайлары бийликке келген соң жана Түркияны өз кызыкчылыгына толук иштете алуу мүмкүнчүлүгү жаралгандан кийин, Америка Иранга мухтаж болбогон абалда жаңыча роль берүүгө өттү.

Эске сала кете турган нерсе, Америка Иран жана Иранга окшогон башка малайларынын ролун өзү каалаган учурда кыскартып же күчөтүп койо берет. Ошондой эле, Иранга окшогон бул мамлекеттердин ролу чыныгы таасирге ээ эмес. Анткени, Америка бул ролдорду өз кызыкчылыгына жараша каалаган учурда берет жана каалаган учурда тартып алып койот. Мисалы, Иран өзүнүн урап калган инфраструктурасын оңдоштун ордуна, казынасындагы каражатын Сирия жаатындагы иш-чараларга жумшап жатат. Качан Америка Иранга мухтаждыгы бүткөндө, анын ролун тартып алып койорун Иран айдан ачык билет! Ошондой эле, Америка Йеменде Саудия ролун өстүрүп барууда. Американын мындай кылышы – малай Иранга Йемендеги өзүнө ыктаган жикчилдеринин алдында оңтойсуздук жаратты. Анткени, Саудия Йеменде өз тарапкерлерине түздөн-түз аскерий колдоо көргөзө баштады. Ошол эле маалда, Иран Саудиянын Йемен жаатында үстөмдүк ролун ойношуна моюн сунду. Иран хувсийлерге кичине кемелер менен курал жеткирип берүүгө гана чектелип калды. Кийин Түркиянын Сириядагы ролу да өз кызыл чегинен артка кетиши күтүлөт. Балким, анын билдирүүлөрү жана позициясы да өзгөрөт, анткени, Америка бул акимдерге көңүл бурбайт. Америка аларды кабагым кашым дебестен каалаган учурунда пайдаланат жана каалаган учурунда таштап койот. Тактап айтканда, Америка бул мамлекеттерге карата өз кызыкчылыгын ишке ашыруу максатында өзү каалаган учурда роль берип, иши бүткөндөн кийин ал ролду тартып алуусун уланта берет.

Американын Трамптын учурунда Иранга карата жүргүзө турган саясаты:

Америка бул жаатта аймактагы Ирандан бөлөк мамлекеттерге роль берүүсүн күчөтөт. Алар Түркия жана Саудия, Ирандын ролун кыскартат.

Ушул негизде Трамп Ак үйгө келди. Америка мурунку саясий ыкмасынын негизинде Иран ролуна тийишпестен, аймакта үч мамлекет өздөрүнө берилген ролду Америка кызыкчылыгы үчүн аткарып кете берүүлөрү мүмкүн болчу. Бирок Трамп Иранды шантажга салуу аркылуу мафиялык жол менен экономикалык жактан пайдаланууну каалап жатат. Ошондуктан, ал Иран менен болгон алаканы чыңалтты. Твиттер аркылуу да чабуул кылды. Ал Иранды тероризмдин уясы деп сыфаттады. Америка жана анын союздаштарына коркунуч жаратат деди. Иран менен болгон алакада агрессия көргөзө баштады. Ирандын 2017-жылы 3-февралдагы ракета сыноосу үчүн анын 25 ишкерине карата санкция киргизди. Аны менен болгон өзөктүк келишимди туура эмес деп, андан Америка бир тараптуу чыгып кетери ыхтымалдуулугу менен да коркутту. Ошондуктан, зээндерге Трамп Иран менен болгон Америка саясаты жаатында чоң өзгөртүүлөргө барат го деген ой жаралып калды. Ошол себебтүү Трамтын Иран жаатында кандай саясат алып барарына төмөндө токтолуп өтөбүз:

1 – Республикачылардын алып бара турган саясаты өз күчүн жана зордукчулугун көргөзүүгө таянат. Бул саясат Трамптын тышкы саясатты алып баруусунда ачык көрүнүп турат. Алардын бири Иран жаатындагы алакасында.

2 – Ооба, бул жерде Америка Иран жаатында жаңы маселе негизинде иш алып бара баштады. Бул маселенин артында Трамп Американын көптөгөн экономикалык маселелерин чечүүнү убада кылган. Дүйнөдөгү өлкөлөрдүн коопсуздугун Америка камсыз кылып жаткандыгы үчүн акы төлөөлөрүн Трамп алардан ачыктан ачык талаб кылды. Трамптын бул талабы Жапонияны, Кореяны, Европа өлкөлөрүн, жеңил-желпи жем болгон бай Булуң мамлекеттерин өз ичине алды. Жогоруда айтылып өткөндөй, Булуң аймагына карата Ирандын ролун жана коркунучун пайдаланууга болгон Американын мурунку жана жаңы түрткүсү олуттуу түс алды. Иранды шантаж кылуу аркылуу Булуң мамлекеттерине коркунуч жаратуу Обама

мезгилинде эле башталган. Трамп болсо бул маселени экономикалык жаатта пайдаланууну каалап жатат. Трамп Иранга кысым кылуу аркылуу анын Булуң аймагындагы ролун чектеп, анын акысына мунайга бай Булуң мамлекеттеринен олчойгон салык алууну каалап жатат. Ирандын коркунучунан силерди коргоп жатам деген таризде, алардан салык алууну каалап жатат. Ошондуктан Американын бул кысымы алдында Иран өз ракетасын сыноодон өткөрдү. Ирандын бул кадамы Америка менен тил бириктирүү аркылуу болгондугу да чындыктан алыс эмес жана анын ракета сыноосу Американын Иранга карата кысым кылуу мезгилине туура келүүсү да ушуну түшүндүрүп турат. Тактап айтканда, Иран чындыгында эле Булуң мамлекеттерине коркуныч жаратып жаткандай түр жаратуу. Иран бул аракетинен өзү пайда таппайт, балким пайда табуучу – Иран коркунучунан коргоп жаткандыгы үчүн акы талап кылып жаткан Америка болуп саналат. Трамптын шайлоо камапаниясы учурунда берген билдирүүлөрү ушуну каңкуулап турат. «Жаңыча пикирлөөгө» ишара кылган Трамптын ал билдирүүлөрү төмөнкүчө:

–2015.08.19. «CNN» арабий маалымат агенттигинин маалыматында мындай делет: «Трамп Саудиядан аны жоголуп кетиштен сактап турган Америкага акы төлөшүн талап кылды». Ал айтты: «Саудия жакынкы аралыкта чоң туңгуюка кептелет жана биздин жардамыбызга мухтаж болот. Эгер биз болбогондо Саудия азыркыдай абалда калмак эмес».

–2016.08.19. «CNN» арабий маалымат агенттигинин маалыматында келет: Трамп айтты: «Жапонияны коргоп жатабыз, Германияны коргоп жатабыз, Түштүк Кореяны коргоп жатабыз, Саудияны коргоп жатабыз жана башка көптөгөн өлкөлөрдү коргоп жатабыз. Алар мунун акысына бизге эч нерсе төлөшпөйт. Бирок алар мунун акысына бизге акы төлөөлөрү зарыл, анткени биз аларга эбегейсиз кызмат көргөзүп, ресурстарыбыздан кол жууп жатабыз. Менин айткан нерселеримдин бардыгынын чындыгы бар, эгер алар өз үлүштөрүн адилеттүүлүк менен төлөшпөсө... анда алар өздөрүн өздөрү

коргоого мажбур болушат же биздин жардамыбызга мухтаж болушат. Биз 20 триллион карызы бар мамлекетпиз, алар бизге жардам берүүлөрү милдет». Трамп дагы: «Соода келишимдери тууралуу сүйлөшүүлөрдү өткөрүүгө кудуреттүү» экендигин баса белгиледи. Ал «Сиз Жапония жана Саудия менен сүйлөшүүгө кудуреттүү болушуңуз керек» деген суроого комментарий берип мындай деди: «Силер биз Саудияны коргогондугубуз үчүн ал акы төлөп жатат деп ойлоп жатасыңарбы? Биз аларды коргойбуз, бирок алар бизге эч нерсе төлөшпөйт».

–2017.01.26. «ал-Жазиира» сайтында мындай келген: «Америка президенти Американын 2003-жылы Иракка киргендигине жана аны кийин Иранга тапшыргандыгына ишаара кылып «Америка Иракка кирип катачылык кылды» деди. Америка Ирактан чыгып кетпестен, анын нефтисине көзөмөл кылып кала бериши туура болмогуна да ишара кылды. 2017.01.24. «Reuters» арабия сайты «Трамп Американын борбордук чалгындоо кызматы жооптууларынын алдында сүйлөгөн сөзүндө «Америка 2003-жылкы согуштун чыгымдарын жабуу үчүн, Ирак нефтисин колго алуусу туура болмок» экендигине ишара кылды» деп жазды.

3 – Ушулардын бардыгы Трапмтын келишим түүзүүгө болгон умтулуусу канчалык деңгээлде экендигин көргөзүп турат. Тактап айтканда, Ирандын коркунучунан коргогондугу үчүн анын акысына акы төлөө шартын коюп келишим түзүү каалоосу. Башкача айтканда, бул мамлекеттердин акимдери өз бийликтерин сактап турушу үчүн Америкага акы төлөөлөрү керек. Америка бул акимдердин берген акылары үчүн алардын бийлигин сактап турмакчы. Трамптын мафия жолу аркылуу каражаттарды тартуу каалоосун көптөгөн далилдер тастыктап турат. Трамп Американын өлкөлөрдөн олчойгон салыктарды жыйнап алышын көтөрүп жаткан жалгыз америкалык эмес. Америка конгресси 2016-жылы «Хуста» мыйзам долбоорун кабыл алды. Тактап айтканда, ал Обама бийлиги учурунда кабыл алынды. Бул мыйзамдын негизинде «терооризм» амалияттарына тиешеси бар

деген жүйө менен Саудия жана Булуң мамлекеттеринин акчаларын камап койуу мүмкүнчүлүгү пайда болду. Анткени Америка экономикалык кыйын кырдаалды башынан кечирип жатат. Ал бюджетин бардык тарбынан кыскартууга мажбур болду. Анын эбегейсиз карызы, ошондой эле, Кытайдын экономикалык жактан өсүп чыгуусу ага оңтойсуздук жаратты. Ал дайыма чоң чечимди издеп келет. Кичүү Буш Американын экономикалык кыйынчылыгын Иракты басып алып анын мунайын пайдалануу менен чечмекчи болду. Бирок Ирактын каршылыгы аны бул нерседен тосуп койду. Ирак согушуна 3 трилион доллар жумшады. Обама Американын экономикасына акча тартуу үчүн Британиянын салык баш калкасы аралдарына сокку урду. Кийин «хуста» мыйзамы аркылуу «тероризмди» каржылайт деген жүйө менен, акчаларды өзүндө камап калып пайдаланууга өттү. Азыр болсо Трамп өлкөлөрдү коргоп жатабыз деген жүйө менен алардан олчойгон салыктарды алуу аркылуу Американын экономикалык кыйынчылыгын чечүүнү көздөөдө. Трамп сегиз жыл аралыгында Американын 20 триллиондук карыз көйгөйүн чечем деп олчойгон убадаларга чөмүлүп алган!

4 – Трамптын Американы «кайрадан улуулугуна кайтарам» деген урааны Американын түздөн-түз кийлигишүүлөрдү кылышын талап кылат. Обама алып барган бирөөлөрдүн артына туруп иш кылуу саясатын толук жойот. Тактап айтканда, бирөөлөрдүн артынан иш кылбай, өзү түздөн-түз иш алып барат. Ошондой эле, Трамп админстрациясы Сирияда Орусиянын ролун кыскартып, Американын өзү түздөн-түз иш алып барышын камсыздоо үчүн Сирияда коопсуздук аймак түзүүнү баштады. Ошондой эле, Ирандын Сириядагы аткарып жаткан эбегейсиз ролун да башка ролго алмаштырууну карай баштады. Ошондуктан, Трамптын админстрациясы экономикалык максатына жеткенден кийин, Ирандын ролун кыскартуу үстүндө катуу пикир жүргүзүп жатат. Америка Иранга Түркия жана Саудиянын ролун толуктоочу гана бир роль берүүнү караштырып жатат. Тактап айтканда, Иранга Сирияда

өзгөчө роль ойноо берилбейт. Балким, ага биринчи кезекте Түркиянын, андан кийин Саудиянын ролун толуктап туруучу гана бир роль берилет. Ирандын ролу Америка кызыкчылыгына кызмат кыла берет.

5 – Мына ушундайча Американын Ирандын ролун өзгөртүүдөгү билдирүүлөрүнүн көбү иш жүзүндө эмес, сөз жүзүндө гана калат. Учурдагы Вашингтондон Иранга карата айтылып жаткан билдирүүлөрдүн көпчүлүк бөлүгү сөз жүзүндө гана калат. Мисалы, «Иран президенти Хасан Рухааний Иран революциясынын 38 жылдыгын белгилөө жыйынында сүйлөгөн сөзүндө: «Ирандыктар Америка санкциялары үчүн ага татыктуу Жооп берет жана америкалыктар өкүнөт» - деди. Руханий ирандыктардын революцияны эстеп бүт өлкө боюнча чогулгандыктары улуттук биримдиктин кубатын көргөзөрүн жана бул чогулуу Ак үй жетекчилеринин бергенката билдирүүлөрүнө каршы ачык Жооп болоруна ишара кылды. («Россия сегодня», 2017.02.10.). Америка президенти Трамп буга Жооп катары «сак бол» деди. «Америка президенти Трамп жума күнү Ирандын президенти Руханийдин «кайсы бир шахс ирандыктарга коркунуч жаратса, ал өкүнөт» деген билдирүүсүнө каршы Жооп катары «сак бол, өзүңө жакшы болот» деди. («Reuters», 2017.02.10.). Буга окшогон билдирүүлөр Америка-Иран өзөктүк келишиминдеги күрөш алкагына кирет. Ал эми чыныгы абалда болсо, Америка планын аткаруу үчүн Иран аны менен бүтүндөй жардамдашуу алкагында иш алып барат. Могерини 9-февралда Трамп админстрациясынын жооптуулары менен жоолугушуусунан кийин, журналисттерге берген маегинде: «Бул жолугушуу алкагында мен алардын Иран менен болгон өзөктүк келишимди толук аткарууга ынтызар экендиктеринен хабардар болдум» деди. («Россия сегодня», 2017.02.10.). Ал эми Американын Иранга карата киргизген жаңы санкциялары өтө эле тар чөйрөдө болду. Американын билдирүүлөрү Ирандын ролун кайрадан карап чыгууга каратылган болсо дагы, Америка аны өз саясатына ылайык караштырат. Иранды кандай кылып экономикалык жана саясий жактан

Американын жогорку кызыкчылыктарына кызмат кылдырууну караштырат. Ирандын ролун кайра карап чыгуу жалгыз Трампка эле тийиштүү эмес. Балким демократтар кандидаты Хилари Клинтонго да тийиштүү. Ал шайлоо кампаниясы учурунда Ирандын ролун кайра карап чыгууга чакырык салган. Ал Иранга карата «ишеним жана ишке ашыруу» саясатын «туура эмес саясат» деп сыфаттады. Ал бул саясаттын ордуна Иранга карата «ишеним жок» саясат алып бармагын белгиледи. Өзөктүк келишим боюнча бирер нерсе бузулса, Иранга карата кайрадан санкцияларды киргизерин убада кылды. Балким өзөктүк келишим бузулса, Иранга каршы аскерий күчтү да колдонорун убада кылган. («Шаркул авсад», 2016.03.22.). Тактап айтканда, Трамптын Иран ролун кайрадан карап чыгуу саясаты Американын мамлекеттик саясаты болуп саналат. Бирок жогоруда айтып өткөнүбүздөй, Ирандын ролу экономикалык жана саясий жактан Америка кызыкчылыгына кызмат кыла тургандай кылып кайра карап чыгуу каралган.

Корунтулап айтканда, эске сала кетчү нерсе, Америка бузуку «баалуулуктары» жана чириген цивилизациясынын натыйжасында ичинен урап бара жатат. Ошондой болсо да, ал мусулман өлкөлөрүндө каалагандай шапар тээп жатат жана өздөрүн акимдербиз дегендер анын кызыкчылыгын ишке ашырууда ат салышып жатышат! Өкүндүрө турган нерсе, мусулман өлкөлөрү колонизатор каапырлардын пландарын ишке ашыра турган майданга айлангандыгы. Мунун бир гана себеби бар, муну биз дайыма кайталап айтып келебиз, ал себеб: аны менен коргонулуп, анын артында туруп жихад кылына турган туура жолдогу Халифалыктын жоктугу. Абу Хурайра Гдан риваят кылынат, Пайгамбар с.а.в. айтты:

**«إِنَّمَا الْإِمَامُ جُنَّةٌ، يُقَاتَلُ مِنْ وَرَائِهِ، وَيُتَّقَى بِهِ»**

**«Имам – калкан, анын артында туруп согуш кылынат жана аны менен коргонулат»**. (Муслим риваяты). Аллахты жана Анын Расулун сүйгөн ар бир мусулманга бул маселе тагдыр чечүүчү маселе болушу керек. Халифалыкты тикелөө жолунда Аллах үчүн ыхлас менен амал кылуусу

милдет. Мына ошондо Пайгамбар агахадисинде кушкабар берген башарат жүзөгө чыгат. Ахмад жана Таяласий риваяты: Пайгамбар с.а.в. айтты:

**«...ثُمَّ تَكُونُ جَبْرِيَّةً، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا، ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ»**

**«... кийин залим падышалык болот, ал Аллах каалганча болот жана Аллах аны каалаганда көтөрөт. Кийин Пайгамбарлык жолундагы Халифалык болот...».** Мына ошондо мусулмандар өз улуулуктарына кайтат. Колонизатор каапырлар кор болгон абалда мусулман өлкөлөрүнөн чыгып кетет, эгер аларга чыгып кете турган жер калган болсо.

***«Ыйман келтиргендерди билиш үчүн жана алардан шахиддерди тандап алуу үчүн бул күндөрдү биз адамдар арасында айландырып турабыз. Аллах заалимдерди сүйбөйт»*** [3:140]

**26-жумадул-аввал, 1438-х.**

**23-февраль, 2017-м.**

## Трамптын Иран менен болгон өзөктүк келишимден бир тараптуу чыгып кетиши

**Суроо:** *Маалым болгондой Американын эл аралык саясаттагы стратегиясы Американын президенти тарабынан эмес, балким андагы башкаруу институттары тарабынан белгиленет. Анан Американын Иран менен өзөктүк келишимин түзүп аны жеңиш деп аташы, кийин Трамптын ал келишимден бир тараптуу чыгып аны да жеңиш деп жар салып жатканын кандай түшүнүүгө болот? Ушуну ачыктап берсеңиз. Сизге Аллах ыраазы болсун!*

**Жооп:**

Ооба Американын эл аралык саясатынын стратегиясы Американын президенти тарабынан эмес, андагы башкаруу институттары тарабынан белгиленет. Мамлекет башчы токтомду кабыл алуу жаатында эле көрүнбөсө стратегияны белгилөө башкаруу институттары тарабынан аныкталат. Бирок суроодо маанилүү нерсе айтылбай калган. Ал маанилүү нерсе жооптун

негизги критерийи. Ал маанилүү нерсе Америкадагы башкаруу институттарынын алдындагы негизги максат - бул Америка кызыкчылыгы. Эгер өзөктүк келишимге кол коюуну абал талап кылып, аны башкаруу институттары макулдаса, Америка президенти да аны макулдайт. Эгер Америка кызыкчылыгына жараша өзөктүк келишимден чыгууну абал талап кылса ал башкаруу институттары тарабынан макул көрүлсө, президент тарабынан да ал макул көрүлөт. Мунун баяны төмөнкүчө:

1. Америка Сирияда Башардын орун басарын тапканга чейин аны бийликте сактап турууда Ирандын ролу маанилүү болгон. Америка Сирияда элдик көтөрүлүштөрдөн коркту. Ал аракеттерде Ислам ураандары жана Ислам менен жашоо чакырыктары басымдуу. Башардын бийлиги кулап Ислам бийлиги орноп калышынан анын натыйжасында бул аймактагы бүткүл таасиренен ажырап калышынан коркту. Айрыкча 2015-жылдары элдик аракеттер абдан күчтүү түс алды... Мына ушундайча Ирандын ролун пайдаланмакчы болду. Иран өз ролун толук аткарууга мүмкүнчүлүк жаратып берүү үчүн өзөктүк келишим түзүү аркылуу андан санкцияларды алууну өтүндү. Анткени Американын кызыкчылыгы өзөктүк келишимге кол коюу жана Иранга карата коюлган санкцияларды алууну талап кылган эле. Бул өзөктүк келишимдин баардык тарабы Иран үчүн кордук жана кемсинтүүнү камтыган. Буга Америка президенти Барак Обама 2015-жылдын 7-июлунда өзөктүк келишим тууралуу айткан сөздөн өткөн жетиштүү далил жок. Обама телеканалдардын бирине берген маегинде мындай деди: “Бул келишим Ирандын өзөктүк куралга ээ боло турган бардык жолдорду бууйт. Келишимдин негизинде эл аралык көзөмөлдөн жашырылган Ирандын борбордук өзөктүк жабдуусунун үч бөлүгү иштен чыгарылат. Байытылган урандын 98%ы жок кылынат. Эгер келишим бузулса тез аранын ичинде санкциялар кайра өз күчүнө киргизилет. Эл аралык көзөмөл күчтөрү кайсы учурда болбосун зарылчылык туулган учурда Ирандын өзөктүк энергиясын текшерип турууга эшиги ачык болуусу шарт”. (“Би-би-си” 2015.07.14)

2015-жылдын 22-июлунда чыккан суроо жоопто Иран менен өзөктүк келишим түзүү аркылуу Американын көздөгөн максатын айтып өткөнбүз. Анда мындай дегенбиз: “Америка бул келишимдин аркасында Иранга карата санкцияларды алып салууну, Ирандын аймакта Американын кызыкчылыгына дайым кызмат кылып беришин, анын иштерин жеңилдетүүнү, аны менен ачык түрдө түзмө-түз алакаларды орнотууну каалады. Америка бул келишимдин аркасы менен өзүнүн иштерин жеңилдетүүнү жана аймактагы мамлекеттер менен оор жүктү тең бөлүшүүнү да көздөдү. Иран аймакта Американын саясий кызыкчылыгын Сирия, Ирак жана Йеменде ишке ашырып берди. Бирок Иран Американын кызыкчылыгына кызмат кылууда жука парда артында же пардасы жок эле иш кылды! Иран иш жүзүндө Сирия, Ирак жана Йемен майданында Америка кызыкчылыгы үчүн кылмыштуу рол аткарып берди. Иран бул ролун жалган, жийиркеничтүү, көтөрүлүшчү кыймылдары астында ишке ашырды”.

Мына ушул Американын өзөктүк келишимди түзүүдөгү максаты болгон эле. Иран аймакта Америка кызыкчылыгын ишке ашырып берүүсү үчүн санкцияларды алып салуу менен Ирандын экономикалык абалын жеңилдетүүнү, анын натыйжасында Иран Америка кызыкчылыгына кызмат кылуусу жеңил болушун максат кылган. Америка ушул негизде Ирандан санкцияларды алып салууга кадыржам болду. Айрыкча Сириядагы кырдаал Башардын бийлигинин алсыздыгы себептүү Америка көзөмөлүнөн чыгып кетүү коркунучу туулуп жаткан эле. Ошондуктан Иран аркылуу Башардын бийлигин колдоп кубаттоону эп көрдү. Ошол үчүн Ирандан санцияларды алып салууга кадыржам болду. 2015-жылы Башардын абалы өтө начарлап калган. Америка Иранга Сирияда активдүү рол жаратып берүү менен 14-июлда өзөктүк келишимин түздү. Кийин Америка аны менен эле чектелип калган жок. 30-сентябрда Обама менен Путин жолугушкандан кийин Орусия да Сирияга аскерий жактан кирди. Башардын бийлигин кулап калуудан

сактоо максатында Америка Башардын орун басарын тапкычакты Орусиянын аскерий жактан Сирия маселесине аралашуусуна уруксат берди.

2. Бирок азыркы күндө Американын көз карашы өзгөрдү. Башардын тараза ташы оорлой баштады. Бул абал Трамп админстрациясынын алдында башка көз караштты пайда кылды. Айрыкча Сирия жана Иракта азаттык үчүн күрөшүп жаткандарга каршы түзмө түз же кыйыр түрдө жүргүзгөн иштеринде жаңы көз караш пайда болду. Америка бул жерде Иранга белгилүү бир ролду берүүгө муктаждык сезбей калды. Бул кырдаалдын карааны - Обама доорунун акыркы учурларында эле көрүнө баштаган. Анткени, Орусия, Иран жана Башардын куралдуу күчтөрүнө караганда Түркия, Саудия бийликтери Сирия козголоңундагы кылган кызматтары Америка кызыкчылыгы үчүн пайдалуу болду. Түркия менен Саудия Сирия майданында Иран кыла албаган иштерди түрдүү ыкмалар менен Башардын куралдуу күчтөрү жеңишке жетиши үчүн шарттарды жаратып берди...

Мына ушундайча Америка Ирандын ролун толуктоочу рол катары гана ишке салды. Бул нерсе Астана келишимдеринде да ачык көрүндү. Кийин козголоңду изинен чыгаруу үчүн эскалация кылууну токтотуу аталышы астында иш алып барды. Американын Иран өзөктүк келишиминен бир тараптуу чыгуу себептеринин бири ушул болду. Тактап айтканда, Америка кызыкчылыгы жаңы шарттардын негизинде аймакта Ирандын ролун азайтуу үчүн келишимден бир тараптуу чыгууну жарыя кылды. Ушул үчүн Трамп Иран өзөктүк келишиминен чыгууну каалап жатканын көргөздү. Анын ою боюнча бул келишим Ирандын өзөктүк куралга ээлик кылуусуна салым кошуп жатат. Ошондуктан Трамп 8-майда Иран менен болгон өзөктүк келишиминен чыгуусун жарыялап жатып мындай деди: “Келишимдин улануусу жакынкы аралыкта Ортоңку Чыгышта өзөктүк куралга ээ болуу жарышына алып барат. Иран өзөктүк куралга ээ болуусунан да коркучтуурак эч нерсе кыла элек”.

Дагы кошумчалап, “Иран үчүн Америка жана анын союздаштары менен болгон келишимди аткаруу милдети бар эле. Бирок ал келишимди аткарбастан, уранды байытууну улантууда. Эгер Иран жаңы келишим түзүүгө даяр болсо, ал да кудуреттүү жана даяр экендигин билдирди. Мен аймактагы жана ааламдагы жетекчилер менен кеңешүүмдүн натыйжасында бир чечимге келдим. Биз бул келишим аркылуу Ирандын өзөктүк куралга ээ болуусунан тосо албайбыз. Ошондуктан мен бул келишимден чыгуумду жарыялайм... Келишим Ирандын аймакка кооп салышына каршы бирер нерсе кыла алган жок. Аз убакыттан кийин Иранга карата санкцияларды кайра киргизүү документине кол коём”.

Трамп кийин Иранга санкция киргизүү үчүн документке кол койду. Ал мындай деди: “Мүчүлүштүктөр толо болгон Иран менен кылынган өзөктүк начар келишим аягына чыкты. Бул келишимдин шарттары кабыл алынгыс. Биз келишимден чыктык. Бардыгын толук камтый турган чечим тууралуу кылдат изденүү жүргүзүшүбүз зарыл. Бул начар келишим Иран террордук бийлигине миллиондогон долларларды алып келди”. (“Спутник”, “Аль жазира” 2018. 05. 08)

Ушундан ачык көрүнүп тургандай, Трамп ачык айтпастан бүдөмүк билдирүү жасады. Ал Ирандын кудуретин коркунучтуу кылды. Анткени Трамп мындан келишимден чыгууну актоочу фактор катары пайдаланды. Ал келишимден чыгуунун чыныгы себебин ачык айтпады. Анткени азыркы күндөгү Американын кызыкчылыгы аймакта Ирандын ролун азайтуу жана мурунку чегине кайтарууну талап кылып жатат. Бирок Иран Америка андан эмнени талап кылса ошону лаббай деп аткарууга даяр...

Америка өзүнүн кызыкчылыгына жараша Иранга карата саясатын өзгөртүп, алмаштырып алып баруусу кайталанып турган көрүнүш. Мисалы, 2015-жылдын 30-сентябрында Обама менен Путин жолугушкандан кийин Сирияда Башардын бийлигин сактап калуу максатында Иран менен биргеликте Орусияны да Сирияга аскерий жактан аралашуусуна жол ачты.

Качан Орусия Сирияда өз ролун пайдалануу аркылуу өзүн кожоюн сезе баштаганда Америка Орусияны тарбиялоо максатында Сириянын химиялык курал жарактарына карата бир нече ракета соккусун урду. Аскерий серепчилердин билдирүүсүнө ылайык бул ракета соккуларынын азыраак бөлүгү гана химия заводдоруна каршы урулду. Калган көп бөлүгү аскерий турумдарды бутага алды. Мына ушундайча, Америка саясий кызыкчылыгынын өзгөрүүсүнө жараша Ирандын ролу да өзгөрүп турат.

3. Бул жерде Америка каалап жаткан дагы бир кызыкчылык бар. Ал жөөт вужудунун Палестинаны жана Куддусту басып алып жаткан душмандыгынан эл аралык коомчулуктун назарын башка жакка буруу. Америка көптөн бери өз элчилигин Куддуска көчүрүүгө даярдык көрүп жаткан. Бирок эки мамлекет чечимин күтүү жана Куддусту бөлүү өз элчилигин көчүрүүнү тездетүүгө түрттү. Азыр болсо ал эки мамлекет чечиминен башка саясий чечимге жетүүгө баш урууда. Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү менен кылым келишими аталышы астында башка саясий чечимди алга сүрүүгө бел байлады. Ушул нерсе Американын мурда эле токтом кылып койгон элчилигин Куддуска көчүрүүсүн талап кылды. Ошондуктан Америка ишке ашырууну каалап жаткан бул ишти жүзөгө ашырууну жеңилдетүү максатында Иранга карата дүйнөлүк коомчулуктун назарын бурду жана аны менен болгон келишимди көбүртүп жабыртып көтөрө баштады. Америка Иранды мокочо кылып көргөзүүнү 2017-жылы 21-майда 55 мусулман мамлекеттеринин рубайбиза акимдери менен өткөргөн самит учурунда эле баштаган. Ал муну Саудиянын жана башка режимдердин жөөт вужуду менен түзгөн келишимди актоо максатында көтөргөн эле. Кийин Палестина көйгөйү жаатында атайын бир чечимди Америка жарыя кылган жок. Саудия бийлиги Америка жетеги менен жүрүп, Америка кызыкчылыгына макул болуу үчүн Палестина бийлигине басым кыла баштады. Башкача айтканда Трамп душмандыкты Исро жана Мираж жери болгон Палестинаны басып алып жаткан жөөт тарапка эмес, Иран тарапка

каратты. Саудия Трамптын артынан жүрүп анын айтканын колдоого алып жатты... Ошондуктан Американын Иран менен болгон өзөктүк келишиминде Иранды кемсинтүү, теңсинбөө камтылып турса да бул келишим Иранга ири көлөмдөгү пайда алып келип, аны кубаттуу кылып жатат деп көбүртүп жабыртып көрсөттү.

Америка аймакта жөөттүн ордуна Ирандан өткөн душман жок деген пикирди жаратууну көздөдү. Мисалы, Ирандагы акыркы митингдер учурунда көтөрүлүшчүлөргө шыкак берип турду. Америка аймактагы Ирандын ролу Америка сызып берген саясаттын негизинде жүрүп жатканын билип турса да митинчилерге шыкак берди. Американын Ирандагы митинчилерге шыкак берүүсү Иран бийлигин алмаштырууну максат кылганын түшүндүрбөйт. Мында башка максат көздөлдү. Бул тууралуу 2018-жылдын 11-январындагы суроо-жоопто баяндап өткөнбүз. Анда мындай келген:

“Эмне үчүн Америка элдик толкундоолорго эргешти? Ал андан өз максатын таптыбы? Бул иш эки нерседе көрүнөт. Биринчиси: Палестинадан бүткүл дүйнө коомчулугунун көңүлүн башка жакка буруудa. Трамптын Кудус боюнча билдирүүсү. Аймакты Иран маселеси менен алектентүү. Иранды аймакта биринчи душманга айлантуу. Бүткүл көңүл Иранга каратылган мезгилде Палестина жерлерин басып алып жаткан баскынчы жөөткө карата көңүл буруу азаят. Экинчи: Аймактагы Америкага малай акимдер Ирандын коркунучунан аларды Америка коргоп тургандыгы үчүн малай болуп турууларын актоочу фактор катары көрсөтүүнү көздөдү. Трамптын Кудусту жөөттөрдүн борбору кылып жарыялоосу, Америка малайларынын куйругуна тепкендей эле болду. Куддус бул мусулмандардын жүрөгүнүн түпкүрүндө жайгашкан. Трапмтын Куддусту жөөттөрдүн борбору кылып жарыялоосуна малай акимдердин унчукпай үн катпай туруусу, алардын Америкага болгон малайлыгын улантуусу жана аны дос тутуулары булар үчүн шерменделик жана эң чоң күнөөлөрдөн... Трамптын Куддуска карата билдирүүсүнө карабастан аймактагы Америкага малай акимдерге

Трапмтын Иранга каршы билдирүүлөрдү көбүртүп жабыртып берүүсү ага малайлык кылууларын улантуулары үчүн ыңгайлуу болду... Алар Трамп Иранга каршы туруп жатат деген сөздөрү аркылуу муну тастыкташты! Малай акимдердин мындай актануулары күнөөдөн да жаманыраак.

“Аллах аларды наалаттайт. Алар кандай гана адашууда” (Мунаафык: 4).

4. Иран менен болгон өзөктүк келишимде Американын тараза ташы оор болуп саналат. Европа аны Америка ыңгайында кабыл алды. Европа бул келишимдин бир тарабына гана чектелди. Башкача айтканда, Европа аргасыз абалда үйүндөгү олжого каниет кылып калды. Бул боюнча 2015-жылы 22-июлда чыккан суроо-жоопто Европанын кырдаалын баяндап өткөнбүз. Анда мындай деп келет:

“Мына ушундайча Европанын алдында эч нерсе калбады. Алар Американын Иран менен түзгөн өзөктүк келишимине тоскоолдук кыла алышпасын дагы ага таасир бере алышпасын дагы түшүнүштү. Алардын алдында бир гана Иран тарапка бет алуу калды. Алар үлүшкө ээ болуп калуулары үчүн долбоорлор инвестицияларды жаткыруу аркылуу иштемекчи. Анткени алар финансы кыйынчылыгын тартып турган мезгил. Алар бул долбоорлор аркылуу Америка таасири жаатында жанма-жан туруп, Иран ичинде иш алып барууларына мүмкүнчүлүк жаратышмакчы. Европа ушул жаатта иш алып барды. Келишим түзүлгөндөн кийин Иран менен Европа ортосунда ири соода ишке салына баштады. Европанын Америка менен болгон соодасы Ирандан санкциялар алына элекке караганда басаңдай түштү. Мына ушул нерсе Европаны маңдай талаштыра турган сокку катары, Трамптын Иран өзөктүк келишиминен чыгып кетүүсүнө үчүнчү себеп болду. Айрыкча соода жаатында Трамп 7-майда твиттердеги баракчасында, Иран өзөктүк келишиминен чыгууну 12 майдан 8 майга жылдыргандыгын жазды. Анын бул мөөнөттү алдыга жылдыруусунун себеби Европанын Трампты бул келишимден чыкпоого үндөп аракет кылгандыктары болду. “Араб жадид” сайты “Xius” сайтынан көчүрүп баскан маалыматында: Американын

мамлекеттик катчысы Майк Помпео 4-майда Франиция, Германия, Британиянын Тышкы иштер министрлерине Трамптын өзөктүк келишимден чыгуу чечимин билдирди. Ал мурунку айда келишимге өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу өз ара түшүнүшүү жөнүндө сүйлөшүүлөрдү да четке какты. Алардын кеңешине сыртын салды. Ушундан көрүнүп тургандай, Американын каалоосу бул маселеде бөлөк. Ал Европаны бул маселеден мүмкүн болушунча алыстатууну каалап жатат.

5. Европа эгер келишим жокко чыгарылса ал соода жаатында жана саясий жактан да зыян тартарын түшүндү. Ошондуктан алар өзөктүк келишимден чыкпоого көндүрүү үчүн Трамп менен болгон жолугушууларда бар мүмкүнчүлүгүн жумшады. Макрон Америкага иш сапары менен барды. Трампты бул чечимден кайтарууга урунуп көрдү. Бирок ийгиликсиз болду. Анын артынан Германиянын канцлери Меркел өз кадамдарын жасады. Ал Америкага карата бираз чегинүүлөрдү сунуштады. Бирок Америка аны кабылдабады. Европанын позициясы алсыз болду. Кийин Британия аракетке келди. Ал Макрон, Меркел менен байланышты. Алар Иран өзөктүк келишиминин улануусуна кызыктар экендиктерин билдиришти. Кийин Британиянын ТИМи Жонсон Америкага иш сапары менен барды. Ал өзөктүк келишим бар болгондуктан дүйнө коопсуз деп билдирди. Британия бул жаатта катуу аракет кылды. Трамп келишимден чыгуу мөөнөтүн 12-майдан 8-майга жылдырды. Европанын билдирүүлөрүнө аракеттерине көңүл да бурбады. Европалыктарды бул маселе жаатында теңине да албады. Анткени Америкадагы башкаруу институттары ушул себептин негизинде келишимден чыгуу Америка кызыкчылыгына дал келет деп билишти.

6. Ал эми каяша иретиндеги аракеттер төмөнкүчө болду:

А. Европа бул маселеге өтө тынчсызданды. Германия канцлери Меркел мындай деди: “Америка президенти Трамптын келишимди жокко чыгаруу токтому бушаймандыкка, өкүнүчкө алып бара турган нерсе. Биз бул келишимди зарыл деп билебиз. Биз Ирандын бул келишимде калышына

зарыл болгон баардык нерселерди кылабыз. Германия бул чечимди Британия жана Франция менен өз ара кызматташуу аркылуу кабыл алды. Чечимге алып баруучу жол шериктеш сүйлөшүүлөр аркылуу гана болот. Европа тышкы саясатта жана коопсуздукта жоопкерчиликтүү иштерди алышы керек. Германия Тегеран өзөктүк келишимди аткаруусуна зарыл болгон иштерди камсыздоо жаатында күч аракетин жумшайт. Тегеран азыркы күнгө чейин келишимди аткарып келе жатат. Бул келишимди дагы да кеңейтип иш алып баруу зарылчылыгы бар". ("Рейтерс" 2018. 05. 09.)

Ал Европанын Америка алдында ийгиликсиздикке учурап калгандыгына наразылыгын билдирди. Келишимдин жокко чыгуусуна тынчсызданды. Биз жогоруда айтып өткөнүбүздөй Европа Трамптын бул келишимди жокко чыгаруусунан кайтаруу үчүн бир нече аракеттерди кылды. Алар кайра сүйлөшүүлөрдү өткөрүү аркылуу жаңы келишимге жетүүнү да сунушташты. Бирок Америка алардын сунуштарын кабыл албады. Балким келишимди жокко чыгаруу мөөнөтүн алга жылдырып аларды таң калтырды. Мына ушундайча Европа Америка алдында алсыздыгын көргөздү.

Кийин май айынын экинчи аптасында Американын келишимден чыгып кеткендигин айыптаган Европанын билдирүүлөрү жаай баштады. Ал билдирүүлөрдүн арасында Американын тең тайлашуу билдирүүлөрү да чыкты. ЕБнын Тышкы иштер жана коопсуздук боюнча координатору Федерика Могерини мындай деди: "Өткөн түнү жарык көргөн кайра санкцияларды киргизүү тууралуу Трамптын жарлыгына биз аябай тынчсызданып жатабыз. ЕБ келишимдин сакталуусуна кызыкдар. Биз бул келишимдин сакталуусун камсыздоо максатында эл аралык коомчулук менен кызматашабыз". ("Рейтерс" 2018. 05. 08)

Франция ТИМи Жан-Ив Лаудриан Трамптын чечимине комментарий берип мындай деди: "Келишим өлгөн жок. Германия, Франция, Британия жана Ирандын ТИМдери 14-майда башка жагдайларды караштыруу боюнча жолугушуу өткөрөт... Ирандын баллистикалык ракетасы боюнча долбоору

жана башка көйгөйлөр жаатында талкуу болот... Ошол эле маалда өзөктүк келишим өз күчүндө калышы зарыл. Эл аралык өзөктүк энергия агенттиги Ирандын өзөктүк келишимди урматтап жатканына күбө болуп жатканын баса белгилейм" ("Аль жазира 2018. 05. 09.)

Британия, Франция, Германия бир позицияда экендиктерин билдирип шериктеш баянат чыгарды. Анда мындай деп айтылды: "Келишимдин сакталуусун лаазым тутабыз. Иран менен болгон эл аралык келишимге байланышкан экономикалык пайдалардын үзгүлтүккө учурабай өз нугунда кетиши үчүн бардык тараптар менен иш алып барабыз". ("Аль жазира 2018. 05. 09)

Британия ТИМи Жонсон өлкө парламентинин алдында мындай деди: "Вашингтондун өзөктүк келишимден чыгуу токтому биздин позициябызды өзгөртпөйт. Биздин келишимден чыгуу оюбуз жок. АКШны коопсуздук кызыкчылыгыбыз үчүн башка тараптын келишимди улантуусуна жолтоо болбоого чакырам". ("Гардиан 2018. 05. 09) Европанын бул позициясы анын Америка менен тең тайлашып жаткандыгына далалат кылып жатат.

Дагы бир тараптан Европанын кээ бир билдирүүлөрүндө чегинүүлөр, жалтактап жаткандыктарын көрүүгө болот. Меркелдин партиясынын эл аралык саясат боюнча жетекчиси Норберт Ройтген мындай деди: "Америкасыз өзөктүк келишимдин сакталып калуусу өтө эле оор иш. ЕБнын компаниялары Иран тарап менен кылып жаткан соодасы Американын санкциялары алдында калды. Анын баасын чыгара турган орун басар жок. Ошондуктан бул зыян тартып жаткан компаниялар мүмкүн болушунча тез арада инвестицияларын кайтарып алуулары же биротоло өлкөдөн чыгып кетүүлөрү керек". ("Der Spiegel" 2018. 05. 09)

Франциянын ТИМи Ле Драйн 9-майда "RTL" телеканалына мындай деди: "Келишимде Иран экономикалык кызыкчылыгы үчүн өзөктүк долбоорун токтотууга макул болгон. Европалыктар келишимди сактап калууга кызыктар... Франция бийлиги Иранда иш алып барып жаткан

Франциянын компаниялары менен аларды Америка санкцияларынан сактап, коргоп калуу жаатында талкуу кылуу үчүн жыйын өткөрөт”. Мына ушундайча Европалыктар экономикалык кызыкчылыктары үчүн тынчсызданып бушаймандыкка түшүп жатышат.

Б. Ал эми Ирандын позициясы ал белгилүү бир чекте кадыржам. Ошондой эле Европа жакка да ийилип кетпеди. Иран президенти Хасан Роухани Трамптын токтомуна карата мындай деди: “Бул жекече согуш жана экономикалык кысым. Биз Трамптын Иран элине каршы жекече согушуна жана экономикалык кысымына карата анын жеңүүсүнө мүмкүнчүлүк бербейбиз. Биз Америкасыз эле өзөктүк келишимдин сакталып калышын лаазым тутабыз. Иран апта аралыгында калган башка тараптар менен келишимди жакшыртуу жаатында иш алып баруубузду баса белгилейм. Келерки жумаларда башка союздаштарыбыз менен өзөктүк келишимди жакшыртуу жаатында талкууларды алып барабыз. Иш жалпысынан биздин кызыкчылыкка дал келүүсү керек. Эгер ушундай болсо биз келишимди улантабыз. Эгер келишим кагаз бетинде эле калып Иран элинин кызыкчылыгына дал келбесе, анда биздин алдыбызда айдан ачык жолубуз бар”. (“Иран расмий телеканалы” 2018. 05. 09)

Иран шуро межлисинин жетекчиси Али Лариджани мындай деди: “Европа Американын кысымдарына кулак салды. 2012-2015-жылдардагы санкциялардын кайра салынышы менен Европа өлкөдөгү көптөгөн компанияларын чыгарып кетти. Алардын келишимди сактап калуу тууралуу билдирүүлөрүнө биз көп эле ишеним арта бербешибиз керек. Бирок иш төркүнү жакынкы апталарда Иран саясий тынчтык жолу аркылуу аракет кылып жаткандыгы бүткүл дүйнөгө айкын болот”. (“Дойче велле” 2018. 05. 09) Иран Европалыктардын позициясына жана туруктуулугуна ишеним арткан жок. Ал өз кызыкчылыгына камсанап жатат. Эгер санкциялар ишке кирсе ал зыян тарта баштайт.

В. Ал эми Орусия болсо Трамптын келишимден чыгуусуна каршы Европалыктар менен бир позицияда болгон жок. Ал өз позициясын өз алдынча билдирди. Орусия ТИМи Лавров мындай деди: “Орусия Трамптын чечимине өтө тынчсызданып жатат. Толук ишке ашырылып жаткан келишимди жокко чыгарууга эч кандай негиз жок болчу. Москва Иран өзөктүк келишими тууралуу башка тараптар менен кызматташууга даяр. Ошондой эле ал Иран менен болгон алаканы өнүктүрөт”. (“Аль жазира нет” 2018. 05. 09) Ал Москва башка тараптар менен кызматташууга даяр деп уялыңкы айтты. Башкача айтканда Европа менен байланышкан жок. Европа Орусиясыз эле Иран тарап менен сүйлөшүүлөрдү өткөрүүгө токтом кылды. Орусия оңтойсуз абалда калды. Ал бул маселеде Америка менен да бирге жүрө албады. Анткени ал Иран жаатында жүргүзгөн саясий кызыкчылыгына дал келбейт. Ошондой эле Европалыктар менен да бирге жүрө албады. Анткени алар менен Орусиянын ортосунда алакалар чыңалуу деңгээлинде. Ал тургай Америка Европаны изолация кылууда да Орусияны колдоно алган жок.

Г. Ал эми Кытайдын позициясына келсек, Ортоңку Чыгыш боюнча атайын өкүлү Юнг Сяошен мындай деди: “Иран өзөктүк келишиминдеги бардык шериктеш тараптар аны сактоолору лаазым. Талаш тартышты сүйлөшүүлөр аркылуу чечүү зарыл. Кытай мамлекети келишимге кол койгон бардык тараптап менен кызматташууга даяр”. (“Синьхуа” 2018. 05. 09) Кытай бул билдирүүсү менен тигил же бул жакка тартпады. Балким Америка Европа ортосундагы карама-каршы позицияны жакындаштырууга аракет кылды. Кытай эл аралык саясатта Америкага карата позициясынын алсыз болушу Кытай үчүн маанилүү эмес. Ал Америка менен болгон соода алакасы тууралуу пикирлейт.

Корутундулап айтканда: Трапм Иран менен болгон эл аралык өзөктүк келишими Ирандын кызыкчылыгына дал келгендиги же ага карата пайда алып келип жаткандыгы үчүн келишимден чыккан жок. Балким, акыйкатта

Иран өзөктүк келишими Обама учурунда эле Иранга карата теңсинбегендикти камтыган келишим экени маалым болгон. Ошондуктан Трамп Иран өзөктүк келишиминен жогоруда айтып өткөн үч негизде Америка кызыкчылыгы талап кылгандыгы үчүн чыкты.

А. Ирандын аймактагы ролу 2015-жылдагыдай зарылчылыкты туудурбай калды.

Б. Америка Иранды аймакта, айрыкча Саудияга карата душмандыкты көбүртүп жабыртып көргөзүү аркылуу Иранды жөөт вужудунун ордуна мокочо көрсөтүүнү максат кылды. Башкача айтканда, аймакта Ирандан да өткөн душман мамлекет жок деген пикирди пайда кылууну көздөдү.

В. Европага тарбия берүү. Айрыкча соода жаатында Европа келишимди пайдалануу аркылуу Иранга ири соода иштерин алып барып жаткан. Бул болсо Европанын Америка менен болгон соодасынын солгундашына алып келген.

Америка, Батыш булар жана булардан мурунку мушриктер да эч бир келишимдин өтөөсүнө чыккан эмес. Балким алар ар жолку келишим убадаларды бузуп келишкен. Аларда кайдагы Исламдагы убада шертке бекем туруп аткаруу өкүмдөрү болмок эле. Аллах Таала айтат: “Эй ыйман келтиргендер! Келишимдерди өтөөсүнө чыккыла” (Мааида: 1).

Азыркы учурда каапыр колонизаторлор зордук зомбулук, бузукулук, адамдык насилди жок кылып зулум кылуунун чегинен ашышты. Ошондуктан бүткүл дүйнө жүзүндөгү адамзат азыркы күндө Ислам мамлекетине муктаж болгондой башка нерсеге мукаж эмес. Ислам Халифалыгы адамдар арасында адилетүүлүктү, коопсуздукту, тынчтыкты камсыз кылуу менен келишим убада шерттин өтөөсүнө чыгат. Келгиле эй мусулмандар! Аны тикелейли... аны менен гана улуулукка кайтабыз. Пайгамбар с.а.в. Халифаны үммөттүн коргоочусу экендигин сыпаттап мындай дейт: “Имам калкан анын артында туруп согушулат жана аны менен коргонулат”. (Муслим риваяты).

**2018. 05. 13**

## Ирандагы саясий окуялар

1 – Иранда 2017-жылы 28-декабрда башталган наразылык демонстрациялары экономикалык кырдаал, адамдардын жашоо шарты, жогорку деңгээлдеги жумушсуздук, жакырчылык жана кымбатчылык себептүү чыкты. Отчётторго ылайык, бүгүн Иранда жумушсуздук деңгээли жогорулап кеткен. Иран ички иштер министри Абдуризо Рахмоний Фазлий 2017-жылы 1-октябрда берген басма сөз конференциясында мындай деди: «Учурда жумушсуздук көрсөткүчү 12%га жетти, өлкөнүн арабдар жашаган Ахваз, күрттөр жашаган Кирманшах жана Балужистан сыяктуу айрым шаарларда бул көрсөткүч 60%дан ашат. Илимий деңгээли бар адамдар жана университет бүтүрүүчүлөрү арасындагы жумушсуздук абдан жогору». (Арабийя, 2017-жылы 2-октябрь). Отчётторго ылайык, университет бүтүрүүчүлөрүнүн 21%ы жумушсуз жана ирандыктардын 15%ы жакырчылык деңгээлинен да төмөн шартта күн өткөрүшөт. Бул болсо, капиталисттик түзүмдү колдонгон башка бардык өлкөлөр сыяктуу эле Иранда да бул түзүмдүн колдонулушу өлкөдөгү катардагы инсандарга терс таасир кылганын түшүндүрөт. Мындан тышкары, байлык адилетсиз бөлүштүрүлүп, бир топ байлардын колунда чогулуп калган жана абдан көптөгөн инсандар андан куру калышкан... Жакырчылык маселеси таптакыр чечилбеген. Банктардын баары сүткордук негизинде иштейт. Эл аралык Валюта Фондунун саясатынын жана көрсөтмөлөрүнүн залим натыйжасы катары өлкөдө капиталисттик салыктар киргизилген. Соңку окуялардан мурун, 2017-жылы 18-декабрда Эл аралык Валюта Фондунун делегациясы Тегеранга келди. Бул делегация жыл сайын Иран өкмөтү менен кеңешүү жыйынын өткөрөт. Жыйында делегация төрагасы Катриона Пурфилд сөз сүйлөп, ирандык жооптууларга мындай деди: «Азыр бул жердеги кырдаалга ишенип болбойт, Иран финансы системасы коркунуч астында турат, мындай маалда өкмөт банктарды жана кредиттик мекемелерди капиталдаштыруу аракетин кайра карап чыгышы зарыл». Жана «Биринчи кезекте, тезинен

активдердин сыпатын текшерүү, ушуга алакадар контрагент кредиттерди баалоо, банктарды капиталдаштыруу жана проблема жараткан карыздарды жоюу үчүн убакыт боюнча аракет планын иштеп чыгуу зарыл» экенин баса белгиледи. (Иран глобал, 2017-жыл, 19-декабрь). Шек-күмөнсүз, өкмөттүн бул талаптарды аткарышы кымбатчылыкты, жумушсуздукту жана жакырчылыкты чыгарды, адамдар абдан начар абалга кабылышты, кийин режимге каршы козголуп, түрдүү жолдор менен кыйынчылыкта жашап жатышканын билдиришти.

2 – Ирандагы наразылык демонстрациялары мына ушундайча башталды. Өлкөнүн чыгышындагы Машхад шаарынан башталган бул демонстрацияларда «Жоголсун кымбатчылык» деген ураандар көтөрүлдү. Бирок, демонстрациялар Машхадга гана чектелип калбастан, тездик менен башка шаарларга да көчтү, бул шаар жана айылдардын саны 80ден ашты. Демонстрацияларда жетекчилердин коррупциясына, жумушсуздукка жана кембагалдар менен байлар ортосундагы айырманын кеңейишине кыжырданган миңдеген жаштар жана жумушчулар тайпасы катышты. Ирандагы «Айкындык жана адилет мониторинги» уюмунун идарий кеңешинин жетекчиси Ахмад Таваккалий 2017-жылы 30-декабрда «Фарс» маалымат агенттигине берген интервьюсунда мындай деди: «Бу наразылык демонстрациялары үч фактор акыбетинде келип чыкты. Биринчи: Эл аралык Валюта Фондунун ырайымсыз экономикалык тартипке салуу саясатын кабыл алуу. Экинчи: өкмөт жана жооптуулардын экономикалык проблемаларды чечүүдөгү кудуретсиздиги. Үчүнчү: өкмөт ачык-айкындуулуктан жана кабыл алган токтомдоруна жооп берүүдөн качышы». Эгер, буга Ирандын Ливан, Сирия жана Йемен сыяктуу өлкөлөрдөгү согушкерлерине жана агенттерине сарпталып жаткан чет элдик каражаттарды кошсок, бул проблеманы ого бетер орчундатып, ирандыктардын мойнуна кошумча жүк болгону жана бул нерселер наразылык демонстрацияларын өткөрүүгө адамдарды мажбур кылганы маалым болот. Ал тургай, алар режимди өз калкына кыянат кылды

деп айыпташты. «Көпчүлүк ирандыктар өкмөттүн Газадагы Хамаска, Ливандагы Хизбуллага, Сириядагы Асад режимине жана Йемендеги Хусийлерге жардам берип жатканын туура эмес деп гана калбастан, ал тургай кыянаттык деп эсептешет». (Арабий 21, 2018-жыл, 1-январь). Булардан Ирандагы демонстрациялар экономикалык фактор себептүү өз-өзүнөн табигый башталганы ачык-айкын көрүнүп турат. Бирок режим буга күч менен жооп берди, акыбетте өлгөндөр, жараат алгандар болду. «Айрым отчёттордо 28-декабрда демонстрациялар башталгандан кийин камакка алынгандардын саны 1700дөн ашканы айтылууда». (Би-Би-Си арабий, 2018-жыл, 7-январь).

3 – Белгилүү болгондой, эгер ар кандай нааразылык демонстрациясы туура чечилбестен кечигип кетсе, айрыкча, күч менен чечилсе өзүнүн артынан саясий нааразылык демонстрацияларын алып келет. Ошондой да болду. Экономикалык ураандардын артынан режим жана жетекчилерге каршы саясий ураандар да көтөрүлдү. Демонстранттар режимди сындап, аны региондогу согуштарга аралашкандыкта жана бул согуштарга миллиарддаган долларларды сарптап жаткандыкта айыпташты. Бул нааразылык демонстрацияларында режимге каршы саясий тенденциялар, режим структурасына жана жетекчилерине каршы чыгуу чөйрөсү өкүмдар болду. Мына ошондо Европа менен Америка бул окуялардан пайдаланууга киришти. Европа маалымат каражаттары, өзгөчө, Британия радио-телевидениеси сыяктуу англис тилиндеги маалымат каражаттары Ирандагы демонстрацияларга үндөй башташты. Өз кезегинде, Франция президенти Макрон «Хаят» гезитинин Ирандагы окуялар жөнүндөгү суроосуна минтип жооп берди: «Бу демонстрациялар Иран жарандык коомунун ачык-айкындуулугун көрсөтүүдө. Бул нерсе мени президент Руханий менен телефон аркылуу байланышууга үндөдү. Мен ага зомбулуктан сактануу жана жарандарга сөз эркиндигин камсыздоо зарылдыгын эске салдым. Биз Иран демонстранттардын талаптарын аткаруу аркылуу зарыл болгон ачык-

айкындуулукту көрсөтүшүн күтөбүз. Мына ошондо гана иштер жараянына баа бере алабыз. Франция тышкы иштер министри Ле Дриандын белгиленген Иран сапарына, андан кийин өзүмдүн сапарыма даярдык көрүп, Иранды туруктуу диалогго чакырамын». (Хаят, 2018-жыл, 4-январь).

4 – АКШнын аралашканына токтоп өтөбүз. Президент Трамп Твиттер баракчасында жазууну баштады. Ал 2018-жылы 1-январда мындай деди: «Улуу Иран калкы жылдар бою репрессия астында жашады. Ал азык-түлүктү жана эркиндикти арзуу кылат. Иран байлыктары талап-тонолууда, адам укуктары бузулууда, өзгөртүүнүн убагы келди. Обама жетекчилиги кол койгон үрөй учурган келишимге карабастан, Иран ар тармакта ийгиликсиздикке учуроодо». Ак үй басма сөз катчысы: «Трамп жетекчилиги Иран режими миңдеген демонстранттарды камакка алганын көрсөткөн макалалар алдында абдан кабатырланууда», - деп билдирүү берди. Жана: «Биз Иран диктаторлору өз жарандарынын негизги укуктарын тебелешине таптакыр жөн карап турбайбыз, бул режим ар бир мыйзам бузууга албетте жооп берет», - деп кошумчалады. (Ирак, 2018-жыл, 10-январь). Ушул таризде Дональд Трамп жетекчилигинде көптөгөн америкалык жооптуулар ирандык демонстранттарды биринчи күндөн баштап ачыктан-ачык колдоп-кубатташты. «АКШнын БУУдагы өкүлү Никки Хейли жума күнү Коопсуздук Кеңешинде Вашингтон ирандык демонстранттар тарабында турганын баса белгилеп: «Алар өзүлөрү үчүн эркиндик, үй-бүлөлөрү үчүн жыргалчылык жана улуту үчүн сый-урмат талап кылышууда», - деди. Вашингтон Коопсуздук Кеңешинин ыкчам жыйынына чакырышы Кеңештин башка мүчөлөрүн жана Россиянынын кыжырын келтирди. Россия өкүлү Ирандагы наразылык демонстрацияларын «анын ички иши» деп баалады». (Би-Би-Си арабий, 2018-жыл, 7-декабрь). Вашингтон Коопсуздук Кеңешинин жыйынын чакырышы Америка Ирандагы демонстрациялар толкунун тизгиндеп алганына далалат кылат. Ал эми, ыкчам чакырыгы Коопсуздук Кеңешинин мүчөлөрү үчүн күтүлбөгөн нерсе болду. «Би-Би-Си кабарчысы

Барбара Плеттин сөзүнө ылайык, Ирандагы нааразылык демонстрацияларын талкуулоо үчүн Хейли ыкчам Коопсуздук Кеңешинин жыйынын чакырышы Кеңеш мүчөлөрү үчүн күтүлбөгөн нерсе болду. АКШ Россиянын жыйынга карата нааразылыгына каршы басым өткөрүүгө мажбур болду. Кошмо Штаттардын өкүлү Вашингтон ирандык демонстранттар тарабында турганын баса белгилеп: «Алар өзүлөрү үчүн эркиндик, үй-бүлөлөрү үчүн жыргалчылык жана улуту үчүн сый-урмат талап кылышууда», - деди». (Би-Би-Си арабий, 2018-жыл, 6-январь).

5 – Ушул жерде өз-өзүнөн суроо туулат: Америка Ирандагы демонстрацияларды колдоп-кубаттап жатканы – Иран режимин кулатууга аракет кылып жатканын түшүндүрөбү? Же ал жердеги демонстрацияларды тизгиндеп алуу аркылуу башка бирер максатты көздөп жатабы? Буга минтип жооп беребиз:

Америка Ирандагы аракеттерди колдоп-кубаттап жатканы режимди кулатууга багытталган деген сөз чындыктан алыс. Хаят гезитинин 2018-жылдын 4-январдагы санында АКШ тышкы иштер министринин Ирак жана Иран маселелери боюнча жардамчысынын: «... Биз демонстранттарды коргоо жана укуктарын урматтоо жөнүндө гана айтып жатабыз, жана режим көптөгөн тармактарда, айрыкча, демонстранттарга карата иш-аракеттерин өзгөртүүнү каалайбыз, АКШ жетекчилиги Иран режиминде эмес, режимдин иш-аракетинде өзгөрүү болушун каалайт», - деген сөздөрү басылып чыкты. Ооба, биз үчүн Американын Иран режимине карата ролу маалым. 2013-жылдын 21-августтагы суроо-жоопто мындай дегенбиз: «Американын Иран ыңкылабындагы ролу башынан эле анык болчу... Ирандын региондогу бардык саясий аракеттери Америка долбооруна ылайык келет жана аны менен шайкеш алып барылат». О.э. 2017-жылдын 23-февралдагы суроо-жоопто мындай дегенбиз: «Ошентип, Ирандын региондогу ролу – мыкты түзүлгөн Америка саясаты жана кырдаалга карап Америка саясатынын талаптарына ылайык бул роль кыскарып-кеңейип турат». Демек,

Американын Ирандагы нааразылык демонстрацияларын ачык колдоп-кубаттап жатканы ал жердеги режимди кулатууга багытталган эмес.

6 – Анда, эмне себептен Америка демонстрациялар толкунуна кудум жоготкон нерсесин тапкандай бекем жабышып алды? Мунун эки себеби бар:

Биринчи: коомчулуктун этибарын Палестина жана Трамптын Куддус туурасындагы билдирүүсүнөн буруп, Иран маселеси менен алек кылып коюу. Ошондо Иран региондогу биринчи душманга айланат... Кийин бардык этибар Иранга каратылып, Палестинаны басып алган яхудийлер вужуду калып кетет.

Экинчи: «Кошмо Штаттар Иранга каршы турат, анын коркунучунан башкаларды коргоодо» деген жүйө менен Американын региондогу малайларын сактап калуу үчүн шылтоо ойлоп табуу. Анткени муминдерге эң катуу душмандык кылган яхудий мамлекетине Куддусту борбор кылып берүү жөнүндөгү Трамптын билдирүүсү – 2017-жылдын 7-декабрдагы баракчабызда айтканыбыздай – Америка малайларынын абийирлерин жаап турган калган каткан чүмбөтүн ачып, шерменделерин чыгарды. Куддус мусулмандардын жүрөгүндө. Тигил малайлар Трамптын билдирүүсүнө сүкүт кылып, кайра дагы ага малайлык кылууну жана достошууну улатуусу болсо эң жаман шерменделик. Андыктан, Трамптын Иранга каршы билдирүүлөрү кудум чөгүп бара жаткан адам чөпкө асылгандай, акимдер да – Трамптын Куддус жөнүндө берген билдирүүлөрүнө карабастан – Америкага малай болуп калууларын актоо үчүн шылтоо болду. Бул нерсе алар Америка эң чоң душман Иранга каршы турат деген сөздөрүнөн көрүнүп турат. Мындай шылтоо – эң жийиркеничтүү күнөө.

﴿قَاتَلَهُمُ اللَّهُ أَنَّى يُؤْفَكُونَ﴾

*«Аларга Аллахтын наалаты болсун, кандай гана адашууда»* [9:30]

Иранда болгон жана болуп жаткан нааразылык демонстрациялары, тышкы билдирүүлөр, өзгөчө Америка билдирүүлөрү туурасындагы көбүрөөк божомол мына ушундай.

7 – Сөзүбүздүн акырында ушуну айтабыз, колонизатор кафир мамлекеттердин исламий өлкөлөрдүн тагдыры менен ойношуусуна бирден-бир себепчилер – ушул рувайбиза акимдер. Алар ушул кафир мамлекеттердин буйругун кабыл алып, Ислам жана мусулмандардын душмандары менен достошууда. Имам Ахмад өзүнүн «Муснад»ында Абу Хурайра Гдан риваят кылган хадисте Расулуллах с.а.в. минтип эскерткен:

«إِنَّهَا سَتَأْتِي عَلَى النَّاسِ سِنُونَ خَدَّاعَةٌ يُصَدَّقُ فِيهَا الْكَاذِبُ وَيُكَذَّبُ فِيهَا الصَّادِقُ وَيُؤْتَمَنُ فِيهَا الْخَائِنُ وَيُخَوَّنُ فِيهَا الأَمِينُ وَيَنْطِقُ فِيهَا الرُّوَيْبِضَةُ قِيلَ وَمَا الرُّوَيْبِضَةُ قَالَ السَّفِيهُ يَتَكَلَّمُ فِى أَمْرِ الْعَامَّةِ»

«Албетте, инсандарга алдамчы жылдар келет. Ал жылдарда жалганчы чынчылга, чынчыл болсо жалганчыга чыгарылат, кыянатчыга аманат тапшырылат, аманаткөй кыянатчыга чыгарылат. Ал жылдарда рувайбиза сөз сүйлөйт. Рувайбиза ким? деп сурашты. Ошондо Расулуллах: Жалпы элдин иши жөнүндө сүйлөгөн паскеч адам, деди». Хаким да бул риваятты «Мустадрак»та риваят кылган.

Демек, Умматтын мусибаты – акимдер. Бирок, Уммат инсандар үчүн чыгарылган эң жакшы Уммат. Андыктан – Аллахтын уруксаты менен – бул рувайбиза жабыр көрсөтүүчү акимдердин зулумуна Уммат узакка сүкүт кылып турбайт. Расулуллах с.а.в. мындай жабыр көрсөтүүчү залим падышалык заманынан кийин рошид Халифалыктын кайтышын башарат кылган. Имам Ахмад жана Таялисий «Муснад»ында Хузайфа ибн Йеменден мындай риваят кылат:

«ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا جَبْرِيَّةً، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ»

«Кийин жабыр көрсөтүүчү залим падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот».

﴿وَيَقُولُونَ مَتَى هُوَ قُلْ عَسَى أَنْ يَكُونَ قَرِيبًا﴾

*«Алар: «Ал качан болот?» деп (сурашат). «Балким жакында болоор», деп айткын!»* [17:51]

**11-январь, 2018-м.**

## Америка менен Иран ортосундагы кескиндик

**Суроо:**

*Капыстан, Америка Фарс булуңундагы күчтөрүнө жана кызыкчылыктарына Иран жана аны ээрчиген жамааттар кооп туудуруп жатканын жарыялады. Андан кийин аскерий даярдык деңгээлин күчөтүп, бир учак ташыган кемеси менен бир нече аскерий кемелерин сапарбар кылды. Жада калса, аскерий деңиз ооруканасын да жиберди. Бул болсо, Булуңда кагылышуу жүз бериши ыктымалынын күчөтүүдө. Бул окуялар Америка Ирандын нефть экспортуна сокку берүү максатында Ирандан нефть импорттогон мамлекеттерге жеңилдик берүү саясатын бекер кылган учурда болууда. Иран да Булуң мамлекеттеринин нефть экспортун токтотуп коюу үчүн Хурмуз кысыгын жабуу менен коркутту. Региондо кескиндик дагы эле өкүм сүрүүдө! Ошондой болгон соң, регион АКШ баштай турган бирер согуштун киришүүсү болобу? Же мындан башка нерсе көздөлгөнбү? Аллах ажрыңызды берсин!*

**Жооп:**

Маселе жаркын болушу үчүн ушуларды баян кылабыз:

Ооба, чынында региондо кескиндик күчөп жатканы байкалууда. Айтылышынча, Америка ал жерге өзүнүн аскерий деңиз флотунун бир бөлүгүн, «Линкольн» учак ташыган кемесин жөнөттү. Бул АКШнын бортуна 90 учакты сыйдыра алган эң күчтүү учак ташыган кемеси болуп эсептелет. О.э. Америка өзүнүн Булуңдагы базаларына «Boeing B-52» тибиндеги бомбалоочу учактар тобун да жөнөтүп, региондогу күчтөрүнүн сергектигин бекемдеди. Андан тышкары, АКШ Багдаддагы элчилигинен экинчи даражагы дипломаттарын чыгарып кетти. Эске салсак, булардын баары Иранга каршы коркутуулардын тушунда тезинин ишке ашырылды: «Кошмо Штаттар Иранга «анык чакырык» билдирип коюу максатында Жакынкы Чыгыш регионуна өзүнүн учак ташыган кемесин жөнөттү. АКШ президентинин

улуттук коопсуздук боюнча кеңешчиси Жон Болтон анын мамлекети «улам күчөп бара жаткан жана тынчсызданууу жаратып жаткан бир катар коркунучтарга жооп» катары аракет кылып жатканын баса белгиледи». «Рейтер» маалымат агенттиги ысымын ашкере кылбаган америкалык расмийге таянып кабарлашынча, АКШ күчтөрүнө каршы ыктымалдуу чабуулдар жасалышы жөнүндө кабарлар тарашы артынан Булуңга аскерий кеме жөнөтүлгөн. Болтон өз бидирүүсүндө: «Кошмо Штаттар «Авраам Линкольн» учак ташыган кемеси менен бомбалоочу учактарды Борбордук командачылыктын аймагына жайгаштырды. Бул амалдардан АКШнын же союздаштарыбыздын кызыкчылыгына зыян жеткире турган ар кандай чабуул кескин күч менен каршы алынышын Иранга билдирип коюу көздөлгөн», — деди. («Би-Би-Си», 2019-жыл, 6-май). Учак ташыган кеме 2019-жылы 9-май күнү Сувайш каналына кирип, 2019-жылы 14-май күнү Араб деңизинин сууларына жетти. Массалык маалымат каражаттары Кошмо Штаттар «регионго 120 миң аскер жөнөтүүгө камданып жатканын, АКШ коргоо министринин милдетин аткарган Патрик Шэнахан бул планды Трампка сунуштаган болсо да, бирок, АКШ президенти макул болбогонун» кабарлашты. («RT» «Нью-Йорк Таймс» гезитине шилтеме кылып, 2019-жыл, 14-май). Булардын баары Ирандын ыктымалдуу кокрунучунун тушунда жүз берди: «CNN каналы 7-май күнү өз булактарына таянып жарыялаган кабарга ылайык, АКШ өкмөтү Иран Булуңдагы өзүнүн кемелерине кыска аралыкка учкан баллистикалык ракеталарды жайгаштырууга токтом кылганын тастыктаган разведка маалыматтарын алган». («RT», 2019-жыл, 14-май).

Америка кырдаалды билдирүүлөр менен гана курчутпастан, мындан да чоңураак нерсе менен курчутуусуна үндөгөн нерсе бар. Кеп ушунда, Бириккен Араб Амирликтеринин Фужайра портунун жанында төрт соода кемесине зыян жеткирилди, Саудиянын маанилүү нефть тармактарына чабуул кылынды:

а) «Бүгүн жекшемби күнү Бириккен Араб Амирликтеринин тышкы иштер министрлиги маалымдаган кабарга ылайык, төрт соода кемеси Бириккен Араб Амирликтеринин регионалдык суулары жанында кол салууга учурады, адамдар набыт болгон жок. Бул окуялар АКШнын Иранга карата басымдары күчөгөн учурда болууда. Андан мурун Иран президенти Руханий анын мамлекети оор кырдаалга туш келип жатканын айткан». («Мидл Ист онлайн», 2019-жыл, 12-май).

б) «Шейшемби күнү Йемендеги «Ансаруллах» (Хусийлер) жамааты учкучсуз башкарылган учактардын жардамында Саудиянын маанилүү объектилерине чабуул кылганын кабарлады. «Масира» каналы кабарлагандай, «Ансаруллах» жамаатындагы бир аскерий «жети учкучсуз башкарылган учактар Саудиянын маанилүү объектилерине чабуул кылганын» тастыктаган. Ушул булак: «Бул кеңири көлөмдүү аскерий амалият элибизге каршы тынымсыз жасалып жаткан агрессияга жана блокадага жооп катары ишке ашырылды», — деди. Кийин ал: «Эгер, агрессия жана залимдик блокада улана берсе, Ансаруллах жамааты мындай кескин соккуларды дагы да көбүрөөк ишке ашырууга даяр», — деп кошумчалады. («Спутник» агенттиги, 2019-жыл, 14-май). Ушул эки окуялар менен АКШнын билдирүүлөрү Булуңда таасирлүү коркунучка айланды. О.э. Американын Булуңдагы абалды курчутуусу мурдагы бул сыяктуу абалдардан айырмаланды.

Булуң регионундагы бул кескиндик ал жерде согуш эшик каккылап жатканынан кабар берсе да, бирок, эки тарап (АКШ жана Иран) берген билдирүүлөр башка нерсени т.а. согуштун ыктымалы алыс экенин көрсөтүүдө! Ал билдирүүлөр:

«Бейшемби күнү Ак үйдө өткөрүлгөн басма сөз жыйынында Кошмо Штаттар Иранга согушууну көздөп жатабы, деген суроого Трамп: «Мен Иран согушпайт деген үмүттөмүн», — деп Жооп берди. («RT», 2019-жыл, 16-май).

«Бейшемби күнү АКШ Өкүлдөр палатасынын спикери Нэнси Пелоси: «Жакынкы Чыгышта кескиндик улам курчуп бара жатканда Трамп администрациясы Иранга каршы согуш ачуу үчүн Конгресстен ыйгарым укук албады», — деди. Пелоси журналисттерге өлкө администрациясы бейшемби күнү сегиздик жыйыны деп аталып жаткан ири расмийлердин жабык жыйынында Иран туурасында Жооп беришин маалыдады». («Рейтер», 2019-жыл, 16-май).

«Нью-Йорк Таймс гезити бейшемби күнү АКШ администрциясындагы ысымы аталбаган расмийге таянып кабарлашынча, президент Дональд Трамп коргоо министринин милдетин аткарган Патрик Шэнаханга Иранга каршы согушка кирүүнү каалабашын маалымдаган. Гезитте президент бул пикирин Шэнаханга шаршемби күнү кечинде маалымдаганы айтылат». («Рейтер», 2019-жыл, 16-май).

«Иран Жогорку руханийи Аяттулла Али Хуманаий Кошмо Штаттар менен эч качан согуш болбошун баса белгиледи. Ал өкмөттүн басма сөз кызматы тараткан билдирүүдө, социалдык тармактагы Твиттер баракчасында: «Биз согушууга аракет кылып жатканыбыз жок, алар да буга аракет кылышкан эмес», деди». («Би-Би-Си», 2019-жыл, 14-май).

«АКШ коргоо министринин милдетин аткарган Патрик басма сөз конференциясында АКШ администрациясы Булуңга аскерлерди жайгаштыруудан Иранга каршы согушка кирүүнү эмес, аны тыйып коюуну көздөп жатат, биз согушуу даражасына бара тургандардан эмеспиз, деди». («Франс-24», 2019-жыл, 22-май).

АКШ менен Иран тарабынан айтылган бул билдирүүлөр массалык маалымат каражаттары чуу көтөргөн АКШ менен Иран ортосундагы согуш жөнүндө чоң күмөн жаратат. Бул күмөнгө себеп болгон биринчи кезектеги билдирүү Иран руханийинин билдирүүсү болду. Ал өз калкын Иран да, америкалыктар да согушка аракет кылбай жатат деп тынчтандырды. Бул билдирүүлөргө таянып айтсак, Иранды ойрон кылуу же Булуңдагы АКШ

кемелерин ойрон кылуу менен жүзөгө келе турган согуш ыктымалдан алыс. Аскерий амалияттар жүз берген учурда да, бул кагылышуу эки тараптын аброюн сактап калуу, көтөрүү үчүн гана кылынат. Андан тышкары, америкалык расмийлер Америка Ирандагы режимди өзгөртүүнү каалабайт деген мазмунда бир нече билдирүүлөрдү беришти. Мисалы, АКШ президентинин улуттук коопсуздук боюнча кеңешчиси Жон Болтон: «Биз саясатыбызды Ирандагы режимди өзгөртүүгө эмес, аны өз аракетин оңдоп алууга мажбурлоого багыттаганбыз», — деди. («Дастур» сайты, 2018-жыл 3-октябрь).

Анда, региондогу абалдын курчушунун себептери кандай? Мунун Жоопу ушул, вакиъге кылдат назар салынса, ал себептер үчөө экени аныкталат:

Биринчи себеп: дүйнөлүк нефть базарлары. Нефть маселесинде Американын бүгүнкү абалы он жыл мурдагы абалынан айырмаланат. Кеп ушунда, анын сланец нефтин казып алуу технологиясынын каражаты жогорулап кетти. Ал нефть импорттогон мамлекет болушуна карабастан, өз нефтин экспорттоого уруксат берди. Кытай АКШ менен болгон соода-сатыктагы дефицит маселесин андан нефть импорттоону көбөйтүү менен чече турган болду. Ошол эле учурда, Америка Фарс Булуңу мамлекеттериндеги, айрыкча, Саудиядагы акимдерден арзан нефть импорттоону улантууда. Саудиянын нефть акчалары Америкада топтолуп турат, өзү болсо, аларды чыгарып ала албай, карызга батып жатат, фонддору да суверендүү эмес. Балким, анын фондунан Америка гана пайда көрүп жатат. Ушул вакиъликке таянып, Америка Иранга басым кылуу аркылуу анын нефть экспортуна бөгөт коюп дүйнөдөгү нефть баасын көтөрүп алмакчы жана мындан өзү да пайда көрөт деп айтуу мүмкүн. Нефть баасынын көтөрүлүшү сланец нефтисин казып алуу каражаттарына барабар болот. Эл аралык Энергия Агенттиги нефть жеткирип берүү божомолундагы баш аламандык дагы да курчуп жатканы жөнүндө сөз кылууда. О.э. ал Иран

жана Венесуэланын нефть экспортунун төмөндөшүнүн ордун Америка толтурууга кудуреттүү экенин айтууда: «Шаршемби күнү Эл аралык Энергия Агенттиги бул жылы дүйнөлүк базар ОПЕКтен бир аз эле көбүрөөк көлөмдө нефть талап кылышын баса белгиледи. Себеби, АКШ нефть өндүрүүнү кайра жолго коюшу Иран жана Венесуэла экспорттору азайган көлөмдүн ордун толтурат». («Рейтер», 2019-жыл, 15-май). «Ушул аптада АКШ энергия мекемеси Америкага караштуу жети негизги сланец нефть казып алуу станциясы июнь айында күнүнө 8.49 миллион баррель нефть өндүрүү менен рекорд даражага жетишин маалымдады». («Рейтер», 2019-жыл, 17-май). Демек, АКШ нефть компаниялары Булуңдагы кескиндиктин тушунда мүмкүн болушунча нефть өндүрүүнү көбөйтүүдө жана санкциялар аркылуу Ирандын нефть өндүрүшүн артка кетүүгө мажбур кылышууда.

Маанилүүсү, нефть танкерлерине жана объектилерине чабуул жасалып, Америка кырдаалды курчутуп жатканда нефть баасы жогорулоодо: «Дүйнө боюнча нефть жеткирип берүүгө зыян жеткирип жаткан Жакынкы Чыгыштагы кескиндик дагы да курчуйт деген божомолдордун тушунда шаршемби күнү нефть фьючерстери жогорулады. Өз кезегинде, бул күтүлбөгөндө Америка чийки нефть запастарынын көтөрүлүүсүнө себеп болду. Brentмаркасындагы чийки нефть фьючерстери[1] 53 центке же 0.7 пайызга көтөрүлүп, бир баррель нефть 71.77 долларга чыкты. Американын WTI чийки нефти фьючерстеринин бир баррели 62.02 доллар болуп, 24 центке же 0.4 пайызга көтөрүлдү. Шейшемби күнү Саудия учкучсуз башкарылган учактар эки нефть объектилерине сокку бергенин маалымдаганда нефть баасы кыйла жогорулады. Бул сокку Бириккен Араб Амирликтеринин жанындагы нефть танкерлерине чабуул жасалган амалияттан эки күн өтүп жүз берди». («Рейтер», 2019-жыл, 15-май).

Булардан ачык-айкын маалым болуп жаткандай, Америка Иран менен мамилени курчутуу аркылуу нефть баасын жогорулатып пайда көрүүдө. Америка эми өзүнүн нефть өндүрүү көлөмүн көбөйтүүгө кудуреттүү. Нефть

баалары улам көтөрүлгөн сайын АКШ компаниялары тезинен Америкадагы нефтини болуп көрбөгөн көдөмдө өндүрүүгө киришет. Шек-күмөнсүз, Америка бул кескиндик анын нефть компаниялары үчүн пайдалуу деп эсептейт. Трамп администрациясында бардык нерсе соода-садык пайдасы менен өлчөнөт.

Экинчи себеп: Иран менен кайра ядролук келишим түзүү Иран базарындагы АКШ компанияларына өтө чоң киреше алып келет.

Окуяларды күзөтүп жаткан кишиге сыр болбогондой, Америка Иран менен ачык оюн алып барууда жана бул оюндан өзүнүн программасын жана региондогу таасирин камтыган жаңы ядролук келишимге кол коюуну көздөйт. АКШ мамлекет катчысы Помпео Иракка сапар кылып, премьер-министр Абдулмахдий менен жолугушту. Жолугушуудан кабардар булактын айтымында, «Помпеонун сөздөрү бүтүндөй күтүүсүз болгон, а түгүл анын сөзүнө Абдулмахдий да таң калып калган. Күтүлбөгөндө Помпео Абдулмахдийге Иран үчүн кат берип, катты Иранга жеткирүүнү талап кылган. Катта Кошмо Штаттардын согуштун чыгышын каалабай жатканы, ал Ирандан кайра ядролук келишимди түзүүнү гана каалап жатканы айтылган». («Нун пост» сайты «Middle East Eye» сайтына шилтеме кылып, 2019-жыл, 15-май). Трамп да бул максатты жашырбай жатат: «АКШ президенти улам курчуп бара жаткан кризисти чечүү үчүн Иран жетекчилери менен жолугушмакчы экенин билдирди. Анын администрациясы телефон номурун швейцариялыктарга берди, качан ирандыктар сүйлөшүүнү баштоону кааласа, ушул номур менен байланышуулары мүмкүн, деди». АКШ президенти ушуларды айтты: «Ирандыктар мага байланышка чыгышы жетиштүү… Кийин бир столго олтуруп, адилеттүү келишимге кол коюшубуз мүмкүн. Биз Иранга зыян жетишин каалабайбыз», «Мен аларды күчтүү жана улуу болушун, улуу экономика ээлерине айлануударын каалайм. Бирок, алар байланышка чыгуулары керек. Байланышка чыгышса, биз алар менен сүйлөшүүгө даярбыз». Ак үй Ирандын Вашингтон менен сүйлөшүү ниети

болсо деп, швейцариялыктарга өз телефон номурун берди. Мунун себеби, швейцариялыктар АКШ менен Иран дипломатиялык мамилелерине ортомчулук кылышат». («CNN Арабий», 2019-жыл, 11-май). «RT» 2019-жылы 15-май күнү АКШ жетекчиси Трамптын: «Мен Иран жакында сүйлөшүүгө олтурушуна терең ишенемин», — дегенин кабарлады. Дал ушул мазмунда Ирандын Реформачыларга жакын «Интихаб» сайты шейшемби күнү Оман тышкы иштер министри Юсуф ибн Алавийдин борбор Тегеранга жасаган сапарына токтолуп, 2019-жылы 21-май күнкү билдирүүсүндө: «Алавийдин сапарынан максат – АКШ менен Иран ортосунда ортомчулук кылуу, АКШнын Багдадагы элчиканасы бутага алынган окуяны, региондогу башка окуяларды талкуулоо», — деди. Сайт: «Омандык министр Юсуф Алавий Тегеранга жасаган күтүүсүз сапары учурунда АКШ президенти Дональд Трамптын катын ала келди», — деп кошумчалады, бирок каттын деталдарын ачыктаган жок.

Үчүнчү себеп: бул эң маанилүүсү, АКШ-Араб коалициясын түзүп, ага яхудий вужудун кошуу.

Американын регионалдык саясатынын жана регионалдык позициясынын артында турган максаттарга терең назар салсак, Американы Иран менен мамилелерди курчутууга үндөгөн себептердин эң маанилүүсү расмий түрдө жогорудагы коалицияны түзүү экенин көрөбүз. Т.а. алар «Израилдин» ыйык Фалестин жерин басып алышына каршы мусулмандардын душмандыгын, бул вужудду түп-тамыры менен кулатып, Фалестинди кайра Ислам диярына кошуу маселесин Иран менен болгон региондогу мазхабчылык күрөшүнө өзгөртүшмөкчү! Башкача айтканда, бул вужудду регионго сиңдирмекчи. Бул, Америка менен Британия ондогон жылдардан бери ишке ашыра албай келген маселе болуп, Америка бүгүн муну саткын акимдердин, өзгөчө Булуңдагы жетекчилердин жардамында ишке ашырууга үмүт кылып жатат. Бул акимдер «Иран коркунучу» деген америкача шылтоону жүйө кармап яхудий вужуду менен мамилелерди нормалдаштырууга урунуп жатышат.

Бул нерсе яхудий вужудунун позициясынан ачык көрүнүп калды. Булуңда кескин абал жүзөгө келери менен яхудий вужудунун премьер-министри Нетаньяху АКШ элчиси Фридман бирге туруп мындай деди: «Көптөгөн араб жана исламий өлкөлөрдөн турган кошуналарыбыз менен биздин ортобузда жаңы мамилелер өнүгүүдө». Нетаньяху дагы: «Биз Иран коркунучуна чекит коюу үчүн бириктик», — деди. Кийин ал: ««Израиль» мамлекети, региондун башка мамлекеттери, жалпысынан, дүйнөдө тынчтык болушун каалаган бардык мамлекеттер Иран коркунучуна каршы Кошмо Штаттар тарабында турушу шарт», — деп кошумчалады. «О.э. ал «Израиль» күч-кубатын бекемдөө жана АКШ менен болгон маанилүү коалицияны улантуу зарыл экенин баса белгиледи». («RT», 2019-жыл, 14-май). Яхудий вужуду араб жана «исламий» өлкөлөр менен биргеликте Иран коркунучуна каршы Кошмо Штаттар тарабында турушу ушуну көрсөтөт, демек, Америка-Иран ортосундагы кескиндиктен АКШ жетектеген Иранга каршы регионалдык коалиция түзүү жана ага яхудий вужудун кошуу көздөлгөн. Муну менен бирге, кескиндикти курчутуу жана кескин билдирүүлөр, Фужайра жана Арамко объетилеринде алып барылган айрым аскерий амалияттар НАТОнун регионалдык сценарийи болуп, бул сценарий дале уланууда. Сценарийдин киришүүсү катары 2019-жылы 6-апрель күнү Риязда АКШ-Араб жолугушуусу болуп өттү жана жолугушууга Катар катышты. Бул жолугушуудан маалымат каражаттары «Араб НАТОсу» деп жатышкан «Жакынкы Чыгыш стратегиялык коалициясын» түзүүгө чөйрө даярдоо көздөлгөн. Саудия маалымат агенттигинин кабарына ылайык, жолугушуу «Сауд Арабия, Америка Кошмо Штаттары, Бириккен Араб Амирликтери, Бахрейн, Кувейт, Оман, Катар, Иорданиядан турган мамлекеттердин жогорку даражадагы кызматташуусу» алкагында болуп өттү. Кабарда айтылышынча, жолугушуу «бул коалицияны түзүүгө карай ташталган маанилүү кадам эсептелип, ал региондо жана дүйнөдө коопсуздукту жана туруктуулукту бекемдөөнү максат кылат». («RT», 2019-жылы, 10-апрель). Демек, ушул

аскерий коалицияны түзүү амалияты өтө кызуу уланууда. Яхудий вужуду арабий жана «исламий» мамлекеттер менен Иранга каршы кызматташып жатканынан кубанычта. Бул кубаныч, Америка ушул акимдер менен алып барып жаткан кызматташууга яхудий вужудунун да кошулуусун түшүндүрөт. Бул жөнүндө жарыяланбады. Чамасы, бул нерсе Америка тынчтык планын ишке ашыргандан кийин жарыя кылынат көрүнөт. Тынчтык планынын негизги пунктунда Булуң акимдеринин яхуд вужуду менен алакаларды нормалдаштыруусу айтылган.

Корунтуду:

АКШ жана Иран ортосунда кескиндикти пайда кылып, абалды курчутуу бул эки мамлекеттин ортосунда чоң согуш чыгышын түшүндүрбөйт. Балким, бул нерседен жогорудагы үч себепти ишке ашыруу көздөлгөнүнүн ыктымалы күчтүү. Бирок, эки мамлекет өз аброюн сактоо үчүн кыска убакыт чабуулдар болушунун ыктымалы да жок эмес. Себеби, кандай болбосун, эки мамлекет кескин аракеттерди кылышты, опузалаган, күчтүү жана кескин билдирүүлөрдү беришти, багыттарын өзгөртүштү!

Маселенин өкүнткөн жери – Америка өз билдирүүлөрү жана коркутуулары менен максатын жашырбай жатат, ал эми, өлкөлөрүбүздөгү, айрыкча, Булуңдагы акимдер Американын текебердигин, региондогу зомбулугун актап жатышат, кудум сокур, дүлөй жана дудук сымал сүкүт кылып турушат. Муну менен алар бул дүйнө жана акыреттерин текке кетиришет. Аллах хак айтат:

«Кимде-ким, бул дүйнөдө сокур болсо, демек, ал акыретте да сокур жана бүтүндөй жолдон адашуучу» [17:72]

**19-рамазан, 1440-х.**

**24-май, 2019-м.**

**Ядрочу окумуштуу Фахризаданын өлтүрүлүшү**

**Суроо:** *2020-жылы 6-декабрда «France 24» телеканалында Ирандын Ислам ыңкылабынын сакчылары корпусунун Аскерий-деңиз күчтөрүнүн*

*командачысы генерал Али Фадвий «ядрочу окумуштуу Мухсин Фахризада киши колдуу болгону» туурасында кабарлады. Генерал айтышынча, кол салууда өнүккөн камера жана жасалма интеллект жардамында аралыктан башкарылган пулемёттон Фахризаданын жүзүнө 13 ок атылган. Андан мурун 2020-жылы 2-декабрда Ирандын Шуро кеңешинин (парламент) ишин көзөмөлдөгөн Конституция сакчыларынын кеңеши уранды байытууну 20%га көбөйтүү жөнүндөгү мыйзам долбоорун макулдаган, бул мыйзам долбоору Мухсин Фахризада киши колдуу болгондон кийин парламент тарабынан жактырылган эле. Бул мыйзам долбоору президент Руханийдин өкмөтү менен парламент ортосунда талашка себеп болду. Президент Руханийдин өкмөтү мыйзам долбооруна каршы чыкса, парламент анын тогуз беренеси менен кабыл алды! Суроо: эмнеге булар талашып жатышат, алар көрүнүктүү ядрочу окумуштуу Фахризаданы өлтүргөндөрдүн артында тургандардан өч алуу үчүн баары биригишсе болбойт беле, айрыкча, Иран бул кол салуунун артында (израиль) турганын жарыялаган соң? Же Иран режими Касим Сулайманийдин маселеси унутулгандай, бул окумуштуунун да маселеси батыраак унутулушу үчүн атайылап бул талаш-тартышты жаратып жатабы?*

**Жооп:** Жооп ачыкталышы үчүн ушуларды айтып өтөбүз:

Биринчи: 2020-жылы 27-ноябрь күнү Иран Коргоо министрлигинин илимий кызматкери ядрочу окумуштуу Мухсин Фахризаданын өлтүрүлүшүн, бул амалиятты аткаруунун услубун жана жайын этибар алганда ал Иран режимине олуттуу чакырык болуп эсептелет. Бул кол салуунун мааниси 2020-жылы январда генерал-лейтенант Касим Сулайманиге жасалган кол салуудан кем эмес. Баса белгилесек, «айрым дипломаттар Фахризаданы Иран бомбасынын атасы деп аташат». («Би-Би-Си», 2020-жыл, 27-ноябрь).

Бир тараптан, Мухсин Фахризада Ирандын ядролук жана ракеталык программасында негизги фигура саналса, экинчи тараптан, кол салуу Ирандын ичинде жана борбор калаанын жака белинде жасалды, Касим

Сулайманий менен болгондой Иракта болгон жок. О.э. амалият машинага бомба жайгаштыруу, пулемёттон ок атуу менен ишке ашырылышы бардык ченемдер боюнча Иран үчүн олуттуу проблема болуп эсептелет. Ирандагы окумуштуулардын өлтүрүлүшү уланып, Иран ар дайым бул кол салууларда яхудий вужудун айыптап, аларга керек болгон учурда жана керек болгон жерде Жооп кайтаруу менен коркутуп, адаттагыдай эч кандай Жооп кылбай жаткан болсо да, бирок бүгүнкү күндө эл аралык абал, айрыкча, бүгүн АКШдагы шайлоолор натыйжасында карама-каршылыктар жүзөгө келип, Американын ичинде чыңалуу жана бөлүнүүлөрдү жараткан кырдаал бул жараянга болуп көрбөгөндөй көлөкө салууда.

Экинчи: Иран бул кол салууну уюштурду деп дароо эле яхудий вужудун айыптады. Бул амалият баскынчы яхудий вужудунун Ирандын стратегиялык ядролук жана ракеталык потенциалын күчсүздөнтүү аракеттерине кирет. Яхудий вужуду жооп кайтарылышынан этият болуу үчүн адаттагыдай бул амалиятка катыштыгы бар экенин четке кагышы мүмкүн эле. Бирок, бул сапар алар андай кылышкан жок. Тескерисинче, яхудийлер өзүлөрү бул кол салуунун артында турганына ишарат кылган билдирүүлөрдү беришти. Албетте, яхудий вужуду Трамптын администрациясынын ыраазылыгысыз мындай нерсеге бара албайт. АКШ администрациясы кеминде бул кол салууга макул болгон! Буга далилдер бар:

1 – АКШ президенти Дональд Трамп Твиттердеги өзүнүн баракчасында башка интернет колдонуучулардын бир канча кабарларын жарыялады. «АКШ президенти Дональд Трамп Твиттердеги баракчасында «New York Times» гезитинин Фахризаданын өлтүрүлгөндүгү жөнүндөгү материалын жарыялады. О.э. Трамп Твиттердеги баракчасында (израилдик) журналист Йоси Мельмандын кабарын жарыялады. Кабарда бул окумуштуу Ирандын жашыруун аскерий программасынын жетекчиси болгону, бир нече жылдан бери (израилдин) «Моссад» разведка кызматы тарабынан изделип келгени, анын өлтүрүлүшү Иранга карата маанилүү психологиялык жана

профессионалдык сокку болгону айтылат». («RT», 2020-жыл, 27-ноябрь). Мына ушундайча Трамп Иранды кандайдыр бир Жооп кайтарууга тукуруп жаткандай болууда!

2 – 2020-жылы 28-ноябрда «Ал-Жазира» каналы жана сайты тараткан кабарга ылайык, яхудий вужудунун премьер-министри Нетаньяху адаттан тыш билдирүү берип, Фахризаданын өлтүрүлүшүнө анын мамлекети Жоопгер экендиги жөнүндө ишарат кылды. «(израиль) премьер-министри Биньямин Нетаньяху видео жарыялап, акыркы апта ичинде өзүнүн «жетишкендиктери» жөнүндө адаттан тыш көрүнүштө баян кылды. Таң калычтуусу, Нетаньяху бул видеодо жетишкендиктеринин айрымдарын гана ачыкташын, баарын ачыкка чыгарбастыгын, анткени аны кыла албастыгын айткан». Т.а. яхудий вужуду кол салууну жашырбады жана четке какпады, тескерисинче, катыштыгы бар экенине ишарат кылууда, андан тышкары, бүткүл дүйнөдөгү (израиль) элчиликтеринде жогорку даярдык абалын жарыялады.

3 – АКШ опузалоо жана коркутуу өңүтүндө өзүнүн «USS Nimitz» авианосецин 2020-жылы 27-ноябрда т.а. Иран окумуштуусу өлтүрүлгөн күнү башка бир нече аскерий кемелер менен биргеликте Фарс булуңуна жөнөткөнүн билдирди. Окумуштууга кол салынардын алдында АКШнын «B-52» бомбалоочу учагы Фарс булуңуна жөнөтүлгөн. Окумуштуу өлтүрүлгөндөн кийин Трамп бирер нерсе боло турган болсо кыйратуучу Жооп кайтаруу менен коркутту. ««Вашингтон пост» гезити АКШнын расмийлерине шилтеме кылып, президент Дональд Трамп эгер Иракта бирер америкалык аскер өлтүрүлө турган болсо, бат жана «кыйратуучу» өч алуу менен коркутканын маалым кылды. Президенттин коркутуулары жума күнү Иран борбору Тегерандын жанында ирандык ядрочу окумуштуу Мухсин Фахризада өлтүрүлгөн бир убакка туура келди». («Хурра», 2020-жыл, 28-ноябрь).

Үчүнчү: булардын баары ушуну түшүндүрүүдө – Трамп администрациясы менен яхудий вужуду АКШдагы өткөөл доордо, айрыкча, Иран жаңы «шайланган» президент Байденден жакшылык күтүп жатканда Иран эч кандай натыйжалуу Жооп кылбастыгын түшүнүп турушат! Баса белгилөө зарыл, АКШнын жалпы саясатында Трамп менен Байден бири-биринен анчейин деле айырмаланбастыгы, услуб жана ыкмаларда гана айырмаланышы маалым. Башкача айтканда бул эки адам үчүн Американын кызыкчылыктары малай мамлекеттердин кызыкчылыгынан да, АКШ саясатынан чыкпаган мамлекеттердин кызыкчылыгыдан да жогору турат. Америка саясаты жөнүндө ой жүгүрткөн ар кандай киши муну байкайт. Ошентип, Иран Фахризаданын өлтүрүлгөндүгүнө Жооп кайтаруудан качып, аскерий Жооп кайтарууну талаб кылып жаткан коомдук пикирди башка тарапка буруп чалгытуу үчүн негизги этибарды башка маселелерге бурат:

1 – Иран ядролук жана ракеталык программадагы эң маанилүү окумуштууну өлтүргөн тарап яхудий вужуду экенин билгенине карабастан, бул окуя – өлкөнү «башаламандыкка» салууга каратылган тузак деп билдирүү берүүдө. Маселен, Иран президенти Руханийдин маалымат катчысы яхудийлер жана алардын артында турган Трамп «бизди башаламандыкка чөктүрүшмөкчү, бирок, билип коюшсун, биз алардын айлам-амалынын бетин ачыктык, алар ыплас ниеттерин таптакыр ишке ашыра алышпайт» деп билдирди. («France 24», 2020-жыл, 29-ноябрь). Иран ядрочу окумуштууну ким өлтүргөнүн, ушуга чейин окумуштууларды ким өлтүрүп келгенин, Сирия жана Иракта ирандык аскерлерди ким өлтүрүп жатканын билет, бирок Иран режими татыктуу Жооп берүүнүн ордуна Байдендин бийликке келишине калган күндөрдү санап жатат! «Чоң шайтанга» каршы тургандыгы менен мактанган жана «Америкага өлүм, (израилге) өлүм» деген урааны көтөрүп чыккан Ирандын турпаты ушундай. Трамп администрациясы Ирандын Америкага каршы душмандыгы жалган экенин ачыкка чыгарууда. 2020-жылдын башында Америка Ислам ыңкылаб

сакчыларынын корпусуна кирген «Куддус» бөлүгүнүн командачысы Касим Сулайманийди ашкер түрдө өлтүрдү, кийин Ирандын каршылыгына карабастан Казимийди Ирактын премьер-министри кылды, Ирандын Сирия жана башка жерлерде Америкага көрсөткөн үлкөн кызматтарына көз жумду!

2 – Иран коомчулукту этибарын окумуштуунун өлтүрүлүшүнө аскерий Жооп кайтаруудан чалгытууда – бул уранды 20%га байытууга буруууда. Белгилүү болгондой, Иран өкмөтү мурун ядролук келишимден кийин уранды байытууну 20%дан 3.67%га төмөндөтүүгө мажбур болгон. Уранды байытуу ансыз да ишке ашуусу керек эле, бирок, ал өкмөт менен башка мамлекеттик органдар ортосунда талашка себеп болбошу керек эле. Мына ушинтип Иран жетекчилиги коомчулукту окумуштуунун өлтүрүлүшүнө аскерий жооп кайтаруудан чалгытууда. Мындан улам, уранды байытууну өкмөт – жамандык деп, ал эми, парламент – жакшылык деген оюн пайда болду!

«Бүгүн, шаршемби күнү Иран президенти Хасан Руханий өкмөт жыйынында АКШнын санкцияларына каршы күрөшүү жана ирандык белгилүү окумуштуу Мухсин Фахризаданын өлтүрүлгөнүнө Жооп кайтаруу жөнүндөгү мыйзам долбооруна макул болбоду. Бул мыйзам долбоорун, кече, шейшемби күнү консерваторлор өкүмдарлык кылган Иран парламенти кабылдаган. Иран телевидениеси кабарлашынча, Руханий парламенттин токтомун «зыяндуу» деп эсептеген. Иран «консерваторлор» парламенти кабыл алган токтомдор арасында эң маанилүүсү уранды байытууну 20%га жогорулатуу жана Атом энергиясы боюнча эл аралык агенттиктин Кошумча протоколун бекер кылуу болду. Белгилүү болгондой, Иран ядролук келишим түзүлөрдөн мурун уранды 20%га чейин байыткан, келишим түзүлгөн соң уранды байытууну 3.67%га чейин төмөндөтүү милдетин алган». («Арабий Жадид», 2020-жыл, 2-декабрь). Ошондой эле «Иран парламентин көзөмөлдөгөн Конституция сакчыларынын кеңеши уранды байытууну 20%га жогорулатуу жөнүндөгү мыйзам долбоорун макулдады. Бул мыйзам долбоору ядрочу окумуштуу Мухсин Фахризада өлтүрүлгөндөн кийин

парламент тарабынан кабыл алынган. Бул мыйзам долбоору Ирандын жетекчилигиндеги элита арасында талаш-тартышууга себеп болду, Иран президенти Хасан Руханий өкмөтү бул долбоорго каршы экенин билдирди». («RT», 2020-жыл, 2-декабрь).

Төртүнчү: ушуну көңүлдөн качырбоо зарыл, булардын баары Трамп администрациясы Иран менен болгон мамилени бузганын түшүндүрбөйт. Трамп администрациясы Иранды дагы да көбүрөөк акараттоону жана итаат кылдырууну каалап жатат. Америка тур десе – туруп, олтур десе – олтургудай кылып Иранды толук итаат кылдырууну каалоодо т.а. АКШ администрациясы өзгөрөбү же өзгөрбөйбү, Америка саясатынын алкагында Америка кызыкчылыктарын жана администрациясынын калоолорун толук аткаруусун каалап жатат. Мурун Касим Сулайманий өлтүрүлгөндө Иран опузалап, Американын Ирактагы «Айнул асад» базасына «абайлап» сокку берген, кудум эки тарап алдын ала келишип алгандай. Ошону менен опузалоолор да токтоду! Иран өз жарандары үчүн өч алууга кудуреттүү болсо да, аны кылбай жатат. Мисалы, «Кудс арабий» гезити 2020-жылдын 24-ноябрында Британиядагы «Middle East Eye» веб-сайтына таянып кабарлашынча, Иран Ирактагы иранчыл күчтөргө басым кылып, Ирактагы америкалыктарга чабуул кылууну токтотууну буйруган. «Ирандын «Куддус» күчтөрүнүн командачысы Исмаил Каний өткөн аптада Багдаддагы жашыл зонадагы АКШ элчилигине ракета соккулары берилгенден 24 саат өтүп келди. Ал Ирактагы согуштук топторду Америка объектилерин аткылоону токтотууну буйруду».

Бешинчи: яхудий вужудунун чабуулдарын жана Американын макулдоосун, курчуп бара жаткан чыңалууну жана окуяларды кылдат күзөткөн киши ушуларды байкайт:

1 – Яхудий вужуду менен жакындашуу үчүн АКШ элчилигин Куддуска көчүргөн, яхудий вужудунун Сириядагы Жулан бийиктигин аннекция кылганын моюнга алган, «Кылым келишимин» жарыялаган Трамптын

администрациясы Ирандын ядролук программасы яхудий вужудуна коркунуч туудурат, аны жок кылуу же чектөө шарт деген жыйынтыкка келди. Ошондуктан, Трамптын администрациясы бул жаатта мурунку администрацияларга караганда батыраак аракет кылды. Баса белгилөө зарыл, Республикачылар партиясынын таянычы болгон ак түстөгү америкалыктар арасындагы консервативдүү евангелисттердин калың катмары яхудий вужудунун коопсуздугун максималдуу даражада камсыздоо жаатындагы АКШнын саясатын колдошот, жада калса, бул нерсени саясаттан да жогору турган диний-идеологиялык маселе деп карашат.

2 – Америка ичинде бөлүнүү күчөп, кескин тус алгандан кийин Трамп администрациясы Иран менен болгон кырдаалды чыңалтып, жаңы шайланган демократ президент Байденге Жакынкы Чыгышта тоскоолдуктарды жаратууга урунууда. Трамп эртең АКШ президенттигине олтура турган Байденди нефть региондорундагы кескин күрөштөр баткагына салып коюуну көздөөдө. Бул максат АКШ нефть-энергетика жана курал өндүргөн компаниялардын стратегиялык көз караштарынан келип чыккан. Алардын АКШ саясатына карата таасири улам күчөп баруудa.

3 – Америкадагы президенттик шайлоонун натыйжасында (толук жыйынтыктала элек болсо да) Трамптын шайлоо алдындагы кампаниясын колдогон АКШнын нефть-энергетика жана курал өндүргөн компаниялары:

– чамасы, уттурушту. Себеби, Америка Климат боюнча Париж келишимине кайтышы мүмкүн болууда, бул келишим бул компаниялар үчүн чоң зыян болот. Ошондуктан АКШнын ушул келишимге кайтышы коронавирус пандемиясы доорунда бул компанияларга нефть баасы жаатында терс таасир кылышы мүмкүн. Коронавирус пандемиясы 2021-жылдын акырына чейин созулары божомол кылынууда. Мындан тышкары, жаңы президент Байден бирер жолун таап Ирандын ядролук келишимине кайтышы мүмкүн, бул жогорудагы компаниялардын кирешелерине терс таасир кылат.

– Мына ушундай кооп-коркунучтардын тушунда бул компаниялар Трамптын калган мөөнөтүнөн пайдаланып калууга аракет кылышууда. Айрыкча, Кошмо Штаттардагы соттор Трамптын шайлоодо бурмалоо болду дегендерин четке кагып, анын шайлоо натыйжаларын бекер кылуу мүмкүнчүлүгүн азайтышты. Ошондуктан, бул компаниялар нефтинин баасын жогорулатуу жана курал боюнча келишимдерди көбөйтүү үчүн Трамптын администрациясын Фарс булуңундагы кырдаалды курчутууга түртүшүүдө.

Алтынчы: Фарс булуңунда кырдаалдын курчушу жооп соккусун башка тарапка бурушу мүмкүн, Иран яхудий вужудунун ордуна Саудия жана Амирликтерге сокку бериши мүмкүн. Бул үчүн актануу-шылтоо оңой, анткени бул мамлекеттер яхудийлер менен мамилелерди жашыруун да, ашкере да нормалдаштырып жатышат. Иран Фахризаданын өлтүрүлүшүнө каршы Жооп кайтарууда ар дайым «мунафыктар» т.а. Саудия, Амирликтер жана Бахрайн жөнүндө айтат. Жада калса, яхудий вужуду Фахризаданы өлтүрүү Жоопгердигин өз мойнуна алганына ишарат кылып жатканына карабастан, Иран Тегерандын жанында жасалган чабуулду саудиялыктар жасашты жана Саудия разведкасы Ирандын ичинде мына ушундай «яхудийче амалиятты» пландап, каржылады деши да мүмкүн. Өзгөчө, яхудий вужудунун премьер-министри 2020-жылы 23-ноябрда жашыруун түрдө Саудияга сапар кылып, ал жерде Ибн Салман жана АКШ Мамлекеттик катчысы Помпео менен жолукканы туурасында кабарлар тарады, булардын баары Фахризаданы өлтүрүү амалиятын Саудияга байланыштырууну жеңилдетет.

О.э. Фахризаданын өлтүрүлүшүнө Жооп Амирликке багытталышы да мүмкүн, маселен, «Ал Жазира» Британиядагы «Middle East Eye» веб-сайтына шилтеме кылып мындай кабар таратты: «Иран Фахризаданын өлтүрүлгөнүнө Жооп иретинде Амирликтерге аскерий сокку берүү менен коркутту. Бул веб-сайт ысымын атабаган Амирликтердеги булакка таянып кабарлашынча, Тегеран түздөн-түз Абу-Даби канзадасы Мухаммад ибн Зайидге телефон

кылып, Фахризаданын өлтүрүлгөнүнө Жооп иретинде анын мамлекетине сокку берерин билдирген...». О.э. Иран Фахризаданын өлтүрүлгөнүнө Жооп катары Хусийлерди ракеталар жана учкучсуз самолёттор менен колдоп Саудиядагы нефть объектилерине сокку бериши да мүмкүн. Негизи, бул мурунтадан бар болуп келген, аны дагы да күчөтүү ашыкча Жоопгердикти талаб кылбайт. Эгер Иран ушундай жолду карманганда, ал чыныгы канкорду жоопко тартууну талаб кылып жаткан өз элин алдамак!

Жетинчи: ошентип, мусулмандардын окумуштуулары, өзгөчө, Ирандагы ядрочу физик окумуштуулар биринин артынан бири өлтүрүлүүдө жана буга эч кандай чара көрүлбөй жатат! Мындай абал мубарек Фалестиндин баскынчысы ыплас яхудий вужудун ирандык мусулман окумуштууларды тынымсыз өлтүрүүгө кайраттандырууда! Өкүнүчтүүсү, мусулман өлкөлөрүндөгү акимдер намысты сатып кордукту алышты, колонизатор кафирлердин жуундукору же алардын саясатынан чыкпоону тандашууда. Аларга чабуул кылынганда, алар сүкүт кылышууда, ыйык нерселери тебеленгенде, каршы чыгышпай жатат. Мусулман дүйнөсү Халифалыктын кулатылышы артынан ушундай абалга туш болду. Мусулмандарды акаратка да унчукпаган, а түгүл, мусулманды өлтүрүп жатса да, үн катпаган рувайбиза акимдер башкарууда! Халифалык кайра тикеленмейинче мусулмандардын баркы-даңкы кайтпайт. Халифалык заманында румдуктар тарабынан акаратталган бир гана аялга жардам берүү үчүн халифа бүткүл армияны аракетке келтирген. Мусулман акимдери бул дүйнө жана анын лаззаттарына маани бербей, Аллах Азза ва Жалланын ыраазылыгына умтулганда гана мусулмандар өз намысын жана даңкын кайтарышат. Азыркы акимдер кулап бүтүндөй жоголушат, кудум эч качан болушпагандай, алар менен кошо жабыр көрсөтүүчү залимдик доор да бүтөт. Мусулмандар Аллахтан нусрат жана жардам алып өздөрүнүн улуу мамлекетин, экинчи рошид Халифалык мамлекетин тикелешет. Мына ошондо мамлекетибиз яхудий вужудун жок кылат, Америка жана башка колонизатор кафир мамлекеттердин мусулман

региондорундагы таасирине балта чабат. Ошондо мечиттерибиздин мунараларынан Аллах Тааланын ушул сөзү жаңырат:

«Айткын: Акыйкат келди жана батыл жок болду. Анткени батыл жоголуучу» [17:81]

**7-декабрь, 2020-м.**

**ИШИМ уюмунун Халифалыкты тикелегени туурасындагы жарыясы**

ИШИМ (Ирак жана Шам Ислам Мамлекети) уюмунун Халифалыкты тикелегенин жарыялаганы туурасында суроо жолдогон бардык боордошторго… Ар бириңиздердин атыңыздарды атабаганым үчүн кечирим сураймын.

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух! Негизи, бул суроонун жообун мурун да жибергемин, ошентсе да кайрадан кайталамакчымын. Мурун берилген жана жөнөтүлгөн жооп:

Урматтуу боордоштор!

Кайсы бир жамаат Халифалыкты тикелөөнү кааласа, ал Пайгамбарыбыз ага жолуна ээрчүүсү важиб. Алардын бири, ички жана сырткы коопсуздукту камсыздай ала турган ачык бийликтин болушу шарт жана ошол Халифалык жарыяланган аймакта мамлекеттүүлүк көрүнүшү көрүнүп туруусу керек. Пайгамбарыбыз ага Мадинаи Мунаварада Ислам мамлекетин тикелөөдөгү туткан жолу мына ушундай болгон. Ошол кезде Пайгамбарыбыз ага колунда ички жана сырткы коопсуздукту камсыздай турган толук Исламий бийлик болгон жана ошол аймакта мамлекеттүүлүк көрүнүшү толук көрүнүп турган.

Халифалыкты жарыялаган ИШИМ жамааты Иракта да, Сирияда да ачык түрдө бийликке ээ эмес жана ал ички-сырткы коопсуздукту камсыздай албайт. Жада калса, Халиф катары байъат берилген адам да өзүн ачыкка чыгара алган жок. Халифалык жарыяланганга чейин кандай жашырынып жүрсө, ошол бойдон калды. Бул болсо Пайгамбарыбыз Адын Мадинадагы Ислам мамлекетин тикелеген жолуна тескери келет. Себеби, Пайгамбарыбыз

Ага мамлекет тикеленгенге чейин өзүн жашырып жүрүү жайиз болгон болсо, мамлекет тикеленгенден кийин ал зат жашырынбастан, мамлекеттик иштер менен алек болгон. Элчилер жөнөтүп, элчилерди кабыл алган, кошуунду жетектеген жана келишпөөчүлүктөргө казылык кылган. Мына ушундайча мамлекет тикеленишинен мурунку жана кийинки абал айырмаланып турган. Ал эми Халифалыкты жарыялаган жамааттын бул жарыясы эч кандай мааниге ээ эмес. Себеби, бул жерде мурункудай эле вакиъси жок жарыяланган жасалма халифалыктар сыяктуу сценарий жүрүүдө. Эч кандай мамлекеттик көрүнүшкө, бийликке ээ болбой туруп о.э. мамлекеттин ички жана сырткы коопсуздугун камсыздабай туруп, өзүн «Халифа», «Махдий» деп жарыялоосу – өзүнүн жана ээрчүүчүлөрдүн туйгуларын кандыруудан башка нерсе эмес.

Халифалык мамлекети – бул массалык маалымат каражаттары жөн гана жарыялап коё турган бир жарыя эмес. Халифалык – бул жер жүзүнө тамыр жая турган, ички жана сырткы коопсуздукту Ислам бийлиги негизинде камсыздай турган, Ислам рисалатын даават жана жихад аркылуу ааламга алып чыга турган мамлекет. Бул мамлекеттин кандай тикеленишин, анын көрүнүшүн, экономикалык түзүмүн, мамлекеттер менен болгон мамилесин, саясатын шарият ачык түрдө баяндап берген.

ИШИМдин бул жарыясы ал жамааттын вакиъсин өзгөртүп жибербейт. Ал жамаат булжарыяга чейин кандай болсо,андан кийин деле – Сирия жана Ирактагы өкмөткө каршы күрөшүп жаткан, ачык бир бийликке ээ болбогон башка куралдуу кыймылдар сыяктуу эле – куралдуу кыймыл бойдон калат. Эгер бул кыймылдардын кайсы бири ушул аймакта ички жана сырткы коопсуздукту камсыздай ала турган, мамлекеттик көрүнүшкө ээ стратегиялык аймакты көзөмөлдөп, Ислам менен өкүм жүргүзө алса, анда шарият өкүмдөрүнө ылайык аларга ээрчилет. Себеби, Халифалыкты тикелөө жалгыз Хизб-ут-Тахрирге эле эмес, жалпы мусулмандарга фарз. Ким аны шарият өкүмдөрүнүн негизинде тикелесе, ага ээрчиш важиб болот. Ал эми

азыркы окуя мындай эмес. ИШИМдин бул жарыясы, баарыбызга көрүнүп тургандай, ички жана сырткы коопсуздукту камсыздай албай турган, ачык бир бийликке ээ эмес о.э. мамлекеттик көрүнүшкө да ээ эмес, куру жарыя болуп калды.

Бирок бул жерде көңүл бурчу жагдай, бир аймакта туруп алып, жакшы иш кылып жатам деген ойдо, куру аталыштагы халифалык мамлекетин жарыялоо – мусулмандардын эңсеп келген Халифалык мамлекетинин баркын, маани-маңызын кетирүүдө. Айрыкча, чыныгы Халифалык мамлекети тикеленүүгө жакын калган учурда, мусулмандар ал Халифалык мамлекетин акыркы сабыры менен күтүп жаткан учурда, ушундай болуп жатат. Мусулмандар «Хизб-ут-Тахрир Халифалыкты тикелөөдө Пайгамбарыбыз Адын Мадинаи Мунаввbooарада мамлекетти тикелеген жолдон жүрөт» деп билишет. Үммөт Хизб-ут-Тахрирди өз кучагына алып, мусулмандар өз ара ислам боордоштугун түшүнүп, мусулмандар Хизбдин Пайгамбарыбыз А минхажы негизиндеги Халифалыкты тикелеген ийгилиги менен шаттанышкан чакта, мына ошондо Халифалыкты жарыялоо мезгили келет.

Жогоруда белгиленген беренелер о.э. ачык бийликке ээ болбой, коопсуздук камсыздалбай туруп, халифалыктын жарыялануусу – булардын баары суроо туудурат. Айрыкча, уюшуудагы пикирий негизи жок куралчан кыймылдардын арасына Батыш жана Чыгыш агенттеринин кирип келиши жеңил болгон учурда халифалыктын жарыяланышы да суроо туудурат. Батыш жана Чыгыштын Ислам жана Халифалыкка айла-амал кылуулары айдан-ачык. Алар анын атын өчүрө албагандыктан, анын ысымын куру аталышка айлантып, мусулмандар башын айландырууга абдан ынтызар. Халифалык – бул кафирлер оңой-олтоң айта бере турган жөн гана бир аталыш эмес. Балким, чыныгы Халифалыктын тикелениши кафирлерди эстен тандыруучу бир окуя болот!

Биз Батыш-Чыгыштагы Ислам душмандарына дагы бир жолу тастыктайбыз, Халифалык кылымдар бою дүйнөнү башкарып келген – жана канчалык айла-амал кылынганына карабастан – ал кайрадан кайтып келет:

«Алар айла-амал кылышат, Аллах да айла-амал кылат, Аллах айлакерирээк» [8:30]

Аллах Халифалык үчүн бир хизбди чыгарды. Ал хизб – Аллахты зикр кылуудан эч бир мал-мүлк жана соода-сатык бура албай турган – жигиттерди камтыган. Алар бүткүл барлыгын Халифалыкка арнаган адамдар. Алар о.э. Халифалык, анын дастуру (конституциясы), идарий жихазы (башкаруу аппараты) жаатындагы өкүмдөрдү истинбат кылышкан. Жана да алар бул Халифалыкты тикелөөдө Пайгамбар Адын сийратынан кылча чыкпастан иш алып барат. Алардын арасын эч бир бузукунун бузукулугу аралай албайт. Алар Аллахтын жардамы менен, кафир жана алардын малайларынын тил бириктирүүлөрүнүн таш-талканын чыгара турган, Ислам жана мусулмандардын душмандарынын айла-амалдарын – Аллахтын күч-кубаты менен – өз ийнине кайтара турган саясий аң-сезимдүү адамдар.

«Жаман айла-амал болсо жалаң өз ээлерин ороп жок кылат» [35:43]

Азиз боордоштор!

Исламий Халифалыктын тикелениши үлкөн бир иш болуп, ал адаштыруучу массалык маалымат каражаттары андан-мындан айтып коё турган жөн гана бир кабар эмес. Балким, ал – Аллахтын уруксаты менен – дүйнөнү дүңгүрөтө турган, мамлекеттер таразасын өзгөртө турган жана жаңы тарых жарата турган окуя болот. Пайгамбар а.с. башарат кылгандай, пайгамбарлык минхажындагы экинчи Халифалык кайрадан кайтып келет. Аны тикелегендер биринчи Халифалыкты тикелегендер сыяктуу болушат. Алар таква адамдар болуп, алар Үмөттү жакшы көрүшөт, Үммөт да аларды жакшы көрөт. Алар Үммөткө жолугуу менен шаттанышат, Үммөт да аларга жолугуу менен шаттанышат. Пайгамбарлык минхажы негизиндеги болочок Халифалыкты тикелөөчү адамдар мына ушундай сыпаттарда болушат. Ким

ушундай сыпаттарга ээ болсо, Аллах аларга Халифалыкты берет. Биз ушундай сыпаттарга ээ болушубузду жана Халифалыкты тикелөөнү бизге беришин Аллахтан сурап калабыз. «Демек, (эй момундар), бул түзгөн соодаңарга кубангыла. Мына ушул чыныгы улуу бакыт» [9:111]

Вассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

**Боордошуңар 3-рамазан, 1435-х.**

**1-июнь, 2014-м.**

## Йемен боюнча суроолорго жооптор

## Йемендеги акыркы өзгөрүштөр айрыкча «тынчтык жана улуттук кызматташтык» келишимине кол коюлушу

**Суроо:**

*Мага Йемендеги акыркы өзгөрүштөр, айрыкча «тынчтык жана улуттук кызматташтык» келишимине кол коюлушу түшүнүксүз болуп калды. Анткени, 2014-жылдын 21-сентябрында бул өзгөрүштөр кудум оюн «карта»ларын аралаштырып жибергендей эле... Хувсийлер кантип өкмөт тарабынан катуу каршылык көрсөтүлбөстөн Санъага чейин келе алышты о.э. кантип андагы күчтүү жана таасирдүү орундарды ээлей алышты? Бул Йеменде англистер таасири бүткөндүгүн жана хувсийлерди колдоп-кубаттап жаткан Америка Йеменде күчтүү таасирге ээ болуп калгандыгын түшүндүрөбү, же бул нерсе таасирди өз ара бөлүштүрүп алуубу? Сураныч, ушул иштерди айкындаштырып берсеңиз, Аллах сизге жакшылык берсин.*

**Жооп:**

Жооп анык болушу үчүн төмөнкү иштерди көрүп чыгабыз:

1 – Йеменде англистер таасири акыркы он жылдыктарда, айрыкча, Али Солих 1978-жылы бийликти өз колуна алгандан баштап терең тамыр жайды. Анткени, Али Солих Американын Йемендеги таасир «канаттарын» кыркып таштап, анын малайларын айдап чыкты. Натыйжада Йеменде күчтүү саясий катмар дээрлик англистердики жана алардын малайларыныкы болуп калды... Мындай абал Йеменде 2011-жылы араб жазы окуялары жүз бергенге

чейин уланды. Анткени, ушул убакытка келип адамдар Али Солихтин тогуттугуна жана жеке акимдигине каршы козголоң көтөрүштү. Адамдар аракетке келүүдө башка араб мамлекеттериндеги өзгөрүш шамалынан таасирленишкен эле. Бирок, козголоң көтөргөн көпчүлүктө саясий аң-сезимдин жоктугу башка тараптарга, айрыкча Америкага, анын региондогу союздашы Иранга, жергиликтүү союздаштары хувсийлерге жана түштүк аракеттерге жаткан окуялардан өз кызыкчылыктары жолунда пайдаланып калуу мүмкүнчүлүгүн берди. Америка муну өзүнө таандык бир ыңгайлуу учур деп билди. Анткени, биринчи жолу Солих бийлиги катуу силкинип, анын бийликтеги чеңгели алсыраган жана өкмөттүк мекемелерге зыян жеткен эле.

2 – Америка окуяларды өзүнүн кызыкчылыктарына ылайык келе турган көрүнүштө чечүү үчүн олуттуу аракет кыла баштады. Буга өзүнүн элчиканасы жана өкүлдөрү о.э. жергиликтүү малайлары аркылуу киришти. Британия Американын буга олуттуу киришкенин сезип, өзүнүн адаттагы ыкмасы боюнча аракет кылды. Бул ыкма Британиянын өз таасирин сактап кала турган чечимди көтөрүп чыгууга шашылуусу болчу. Бул чечим боюнча Британия Америкага «олжо»дон – өзүнүн Йемендеги таасирин жок кылбай турган – бирер нерсени берип Американы ыраазы кылат. Ушундай максатта Британия Булуң мамлекеттериндеги малайларын ишке салды жана 2011-жылы апрелдин башында Булуң демилгесин баштады. Бул демилге Али Абдуллах Солихтин бийликтен четтешин, анын сот тарабынан куугунтукталбастыгы милдетин жана анын ыйгарым-укуктарын өзүнүн орунбасары, Британия малайы Абдуроббих Мансур Ходийге тапшырылышын талап кылат эле. Мына ошондон кийин эки айдын ичинде шайлоо өткөрүлүп, жаңы конституцияны иштеп чыгууга киришилет болчу. Америка бул демилгени Али Абдуллах Солихти алыстатуу үчүн бир баскычтуу кадам деп эсептеп, ага ыраазылык берди. Анткени, Америка Али Солихти англистердин Йемендеги күчтүү адамы деп билет эле. Ходийди

болсо Али Солихке караганда өзүнүн кызыкчылыктарына туура келе турган көрүнүштө мамиле кылуу оңой боло турган жумшагыраак деп билет эле. Йемендеги Рейтер маалымат агенттиги 2013-жылы 14-августта ушуга ишара кылуучу кабарды таркатып: «Вашингтон Ходийди Солихке караганда мамиле кылуу бир кыйла оңой болгон шерик деп билүүдө», - деп жазды. Америка «англистердин күчтүү малайы Али Абдуллах Солихтен кутулгандан кийин Британиянын Йемендеги таасирин алсыратуу мүмкүн болот» деп билет эле. Ошондуктан, Америка бул демилгени бир баскычтуу кадам деп эсептеди. Америка бул демилгени өзүнүн кызыкчылыгына буруу үчүн аны жакшыртууну, эгерде андай болбосо, бекер кылууну максат кылды. Мында төмөнкү эки ыкманы ишке сала турган болду: Биринчиси, бул демилгени четке кагуу жана аны жараксыз абалга келтирүүгө Америка өзүнүн малайларын, айрыкча, хувсийлерди тукурду. Экинчиси болсо, Америка өзүнүн адамы Жамал ибн Умарды БУУнун, же аныгыраагы Американын өкүлү катары жиберди. Бул малайын ушул демилгенин иштерин Америка кызыкчылыктарын толук же күчтүү жузъий түрдө жүзөгө чыгара турган көрүнүштө башкаруу үчүн жиберди.

Ошентип, бул демилге ар кимиси ар жакка тебе турган бир топко айланып калды. Анткени, бир тараптан Британия жана анын Булуңдагы малайлары чечимдин тизгинин Булуң демилгеси аркылуу өз колунда кармаган о.э. бул демилге пайдасына Американы аны кабыл алууга мажбур кыла турган коомчулук пикирин пайда кылгашкан болсо, башка тараптан Америка бул демилгени Британиянын күчтүү малайы Али Солихтен кутулууга жардам берүүчү бир кадам деп билет эле. Анткени, Солихтин орунбасары Ходий, мейли англистердин малайларынан болсо да, бирок, ал Солихке караганда жумшагыраак эле, бул болсо, Америкага демилге шарттарын өзгөртүп жиберүү, же анын ишке ашуусун кечеңдетүү, же аны бүтүндөй жокко чыгаруу мүмкүнчүлүгүн берет эле. Америка буга хувсийлер жана кыймылдардын күчү аркылуу о.э. өзүнүн адамдарынын бири Жамал

ибн Умарды ишке салып сүйлөшүү иштери аркылуу жетишүүнү максат кылды... Башкача айтканда, Британия бул демилгеде өз таасирин куткаруу жана сактап калуу мүмкүнчүлүгүн көрдү – анткени, Ходий анын адамдарынан, саясий чөйрө болсо анын куурчактарынын бири болуп эсептелет – дагы ошол эле убакта Американын басымдарын жеңилдетүү үмүтүндө Американы ыраазы кылмакчы болду... Америка болсо бул демилгеге Йеменде өзүнүн күчтүү таасири болушу үчүн бир өткөөл баскыч катары ыраазылык берди...

3 – Мына ошондон кийин иштер ушул багыт боюнча жүрдү жана Булуң демилгесинен кийин улуттук диалог конференциясы болду. Бул конференциянын биринчи жыйыны 2013-жылы 18-мартта башталды жана 2014-жылдын 25-январына чейин уланды. Анын натыйжасы катары Йеменды алты регионго бөлүнгөн федерациялык түзүмгө айлантуу документи пайда болду... Бирок, хувсийлер кыймылынын расмий сүйлөөчүсү Мухаммад Абдуссалам мындай деп жарыя кылды: «Биз бул документке кол койгон жокпуз о.э. биз аны түштүк маселеси үчүн да, чечимсиз калып кетип жаткан жана саясий напис-каалоо боюнча бөлүштүрүлгөн улуттук маселелер үчүн да бир чечим деп эсептебейбиз». (Аалам каналынын сайты 2014-жыл, 2-октябрь). Демек, Америка өзүнүн Йемендеги малайлары бөлүп таштоонун өзүн эмес, тескерисинче бөлүп таштоо ыкмасын четке кагуусу аркылуу өзүнүн малайларынын таасирин жаюу үчүн келечектеги чөйрө даярдаган болот. Анткени, Америка бир тараптан бөлүп таштоо принцибине жанталашып басым жасап жаткан болсо, башка тараптан хувсийлер жана Америка малайлары бул демилгени – тээ анын шарттары өздөрүнүн каалоолоруна ылайык болгонго чейин жана өздөрү үчүн деңизге чыга турган бир жолду пайда кылуу максатында бул бөлүштүрүү кайрадан көрүп чыгылганга чейин – четке кагышууда. Болбосо аны бекер кылууга аракет кылышат... Мунун натыйжасы катары Америка күйүүчү майлардын баасын көтөрүү жөнүндөгү өкмөттүн токтомунан пайдаланды. Бул токтом 2014-

жылдын 30-июлунда күчүнө кирди. Америка Ходий өкмөтүнө кызуу каршылык көрсөтүүдө хувсийлерди жана түштүк аракеттерди ишке салды. Америка Ходийге каршы бул аракеттерди саясий жана коопсуздук жагынан колдоп-кубаттап келе жатат. Анткени, саясий жактан Америка хувсийлерди ал-Коида сыяктуу террорчулар деп эсептебейт, тескерисинче бир саясий кыймыл деп эсептейт. Мисалы, Америка элчиси Мэтью Туеллер 2014-жыл, 18-сентябрь күнү өткөргөн маалымат жыйынында: «Биз саясий иш-чарада катышкан мына ушул топтор ортосунда айырма бар деп билебиз, мисалы, хувсийлер кыймылы улуттук диалог конференциясында катышты жана мунун натыйжасы катары көптөгөн жакшы натыйжалар жүзөгө чыкты, хувсийлер саясий позицияларга жана мыйзамдуу умтулууларга ээ... Ошондуктан, биз хувсий жана анын аракетин саясий жамааттар менен партиялар ишке ашыра турган мына ошол иштерди кылуусу жаатында колдоп-кубаттайбыз», - деди. Америка элчиси: «Элчикана бул диалогдорду алардагы кээ бир катышуучулар менен болуп жаткан сүйлөшүүлөрүбүз аркылуу күзөтүп барууда, биз бул диалогдордо негизги этибар хувсийлердин талаптарына каратылып жатканын билебиз, алар өкмөттө өз ролдоруна ээ болууну күтүп жатышат, бул болсо, мыйзамдуу маселелер болуп, диалогдо катышып жаткан ар кайсы тарап бул маселелерди талкуулашуусу керек», - деди. Ал сүйлөшүүлөрдүн ийгиликтүү болушу туура багыт боюнча кадам таштоону чагылдырышын айтып: «Айрыкча, бул сүйлөшүүлөр Санъа ичкерисиндеги жана анын айланасындагы региондордогу коопсуздук абалын бекемдесе ушундай болот», - деди. (moragboonpress.net сайты). Коопсуздук жагынан болсо, хувсийлер Санъага киришкен убакта армия менен полиция аларга каршылык көрсөттү жана 2014-жыл, 9-сентябрь күнү хувсийлерден жети адамды өлтүрдү. Тараза ташы дээрлик Ходийдин пайдасына ооп калайын деген эле. Бирок, Америка шашылыш түрдө БУУнун өкүлү (же аныгыраагы Америка өкүлү) Жамал ибн Умарды жиберди. Ал келип Ходийге басым өткөрдү, бул маселени сүйлөшүүлөргө чакыруу аркылуу жана

сүйлөшүүлөр чөйрөсү аркылуу аракеттенүүнү күчөтүү туурасында хувсийлерге «жашыл чырак» жагып берүү аркылуу көтөрүп чыкты. Жамал ибн Умар көрүнүшүндөгү Америка басымдары менен кубаттанган хувсийлер Ходий жана армияга каршы аракетти күчөтүштү. Америка элчиси мындан мурда 2014-жыл, 11-сентябрда Йемен коргоо министрин зыярат кылган эле. Америка элчиси Мэтью Туеллер Йемен тынчтыгы жана туруктуулугу Йемендын геосаясий орду регион жана дүйнө үчүн маанилүү деп баса белгиледи. Америка элчиси коргоо министри генерал Мухаммад Насир Ахмад менен болгон жолугушуу маалында мамлекетинин позициясы Йемен тынчтыгы, туруктуулугу жана бүтүндүгүн колдоп-кубаттоо экендигин баса белгиледи. Мына ошол жолугушууда Йемен башынан өткөрүп жаткан коопсуздук абалы жана учурдагы кризистерден тынчтык жолдору менен чыгууну кепилдөөчү жолдор талкууланды (almashhad-alyemeni 2014-жыл, 11-сентябрь). Күчтүүрөөк ыктымал мындай, мына ошол зыярат армиянын хувсийлерге каршы турушуна жол бербестик үчүн болду, анткени окуялар ошону көрсөттү... Ошондуктан, 2014-жыл, 28-сентябрда кээ бир аскерлер коргоо министри Мухаммад Насирге каршы анын отставкага кетишин жана армия өз милдетин аткарбагандыгы боюнча анын соттолушун талап кылып демонстрация өткөрүштү...

4 – Британия Йемен үстүнөн өкүмдарлык кылууда салмактуу утуштарга жетишүү үчүн Америка күч колдонууга олуттуу киришкенин о.э. хувсийлерге Иран аркылуу курал-жарак жана техникадан турган таасирдүү күч-кубат берилгенин түшүндү... Британиянын муну түшүнүүсү аны буга каршылык кылууда төмөнкү эки план боюнча аракет кылууга үндөдү: Биринчи план, хувсийлердин күчтүү бийликке ээ болушуна мүмкүнчүлүк бербестик үчүн Ходийдин президенттик мансабынан пайдаланууга бар болгон күчүн ишке салышы. Экинчи план болсо, Али Солихти кудум ал Ходий башкаруусуна каршы сыяктуу хувсийлерге шерик катары оюнга киргизүү. Солихтин кээ бир тарапкерлери да Элдик башкы Конгресс

(Йемендын мурдагы президентинин партиясы) байрагын көтөрүп чыгып хувсийлерге кошулушту. Британия элчисине «мурдагы президент Али Абдуллах Солих менен байланыштыңарбы» деген суроо берилгенде, элчи: «Менин Али Абдуллах Солих менен түздөн-түз алакам жок, бирок, мен Элдик башкы Конгресс партиясы менен ошону менен бир катарда бул партияга жакын тараптар менен байланышып турамын», - деп жооп берди (Шаркул Авсат 2014-жыл, 22-сентябрь). Мындан түшүнүлгөндөй, Британия өзүнүн малайы Али Солихке да хувсийлер менен кызматташууну сунуштаган. Анткени, Британия элчиси өзүнүн Али Солих партиясы менен байланышып турушун моюнга алды. Али Солих болсо бул партияны башкарат, ага өкүмүн өткөрөт, бул партияда ага атаандаш боло турган жана ага каршы чыга турган адам жок. Хувсийлердин расмий сүйлөөчүсү Мухаммад Абдуссалам да: «Биз Солихтин 2011-жылдагы февраль козголоңунан кийин жана андан мурда да эч кандай ролу болбогон деп билебиз, ошондуктан, диалог конференциясы чыгарган токтомдор аны муалажа кылат (жолго салат) деп үмүттөнөбүз», - деди (Кувейттин «Саясат» гезити 2014-жыл, 23-сентябрь). Бул болсо, хувсийлер да Али Солихке оң көз караш менен карай тургандыктарын көрсөтөт. Бул нерсе англистердин Али Солихке жана өздөрүнө малай партияга т.а. Али Солих башчылыгындагы Конгресс партиясына мына ушул позицияда туруп хувсийлер менен кызматташууну уктурушкандыгын тастыктап турат. Хувсийлер менен бул кызматташтык борборго кирүү аркылуу ишке ашырылды. Ал тургай, президент Ходийдин коргоо иштери боюнча кеңешчиси Мухсин Ахмар да – ал башында хувсийлерге каршылык көрсөткөн эле – хувсийлердин расмий сүйлөөчүсү айткандай, хувсийлерге каршылык көрсөтүүнү токтотуп мамлекеттен чыгып кетти жана башбаанек сурап Саудия режимине кайрылды о.э. коргоосуна алганы үчүн Саудияга ыраазылык билдирди. Ал Саудияда пайда болгондон кийин өзүнүн чыгып кетүү себеби жөнүндө айтып жалпысынан: «Президент Абдуроббих Мансур Ходий мырза менен

кеңешкенден кийин ар кандай төлөм менен болсо да ички согуштан качуу чечимин кабыл алдык», - деди (Арабий Жадид 2014-жыл 26-сентябрь). Ошентип, демек Британия өзүнүн кээ бир малайларын хувсийлер менен шерик болууга таштаган болсо, хувсийлерге каршылык көрсөткөн кээ бир малайларын алыстатууда...

Солихти хувсийлер менен кызматташууга таштоо үчүн Британия тарабынан көрүлгөн чаралар мына ушулар. Ал тургай, Ходий Америка жана анын тобунун бийликке келишине жол бербестикте өзүнүн президенттик мансабынан пайдалана албаган күндө да Али Солих хувсийлер менен күчтүү шерик болот жана натыйжада англистердин Йемендеги таасири сакталып кала берет. Айрыкча, хувсийлер Йемендин жеке акими болуп ала турган даражада элдин колдоосуна ээ болбогондуктан да ушундай болот...

5 – Хувсий күчтөрү Америка тарабынан саясий жана коопсуздук жагынан колдоп-кубатталып жаткан о.э. Британиянын саясий түлкүлүгү жана Америка менен келишүү чөйрөсүндө... мына ушундай чөйрөдө хувсийлер Санъаны басып алышты, армия каршылык көрсөтүүгө аракет кылганда буга жол бербестик үчүн Жамал ибн Умар сүйлөшүүлөр деген шылтоо менен аралашты. Хувсийлер бул чөйрөдөн өздөрүнүн кызыкчылыктары жолунда пайдаланып калышты жана өкмөттүк имараттарды, ошону менен бирге премьер-министрдин имаратын, армия командачылыгы борборун, телевидение имаратын... ээлеп алышты. Алар кээ бир имараттарга чабуул кылып аларды талап-тоноп кетишти. Бүтүндөй борбор же көпчүлүк бөлүгү алардын колуна өтүп калды... Бул чөйрөдө Жамал ибн Умар да тынчтык жана улуттук кызматташтык келишимин түзүү үчүн ар түрдүү басым өткөрүү ыкмалары менен аракет кылды. Бул келишимден Америка таасиринин Йеменга кирип келиши көздөлгөн эле. Бул келишимде хувсийлерге кээ бир нерселер берилиши көрсөтүлгөн. Мисалы, келишим беренелеринде «түштүк аракети жана хувсийлерден республика президентинин жаңы саясий кеңешчилери дайындалат», «республика президентинин саясий кеңешчилери

жаңы өкмөттөгү мансаптарга талапкерлерди көрсөтүү өлчөөлөрүн иштеп чыгышат», «республика президенти коргоо, финансы, тышкы иштер жана ички иштер министрлерин дайындайт, ал үчүн болгону алар жогоруда келтирилген өлчөөлөргө туура келиши о.э. эч кандай саясий тарапка таандык же тарапкер болбошу шарт», «премьер-министр эч кандай партияга таандык болбостон бейтарап болот» деген сөздөр келген. Хувсийлер «бул келишим Булуң демилгесин бекер кылды» деп эсептешти. Анткени, хувсийлердин расмий сүйлөөчүсү Мухаммад Абдуссалам Булуң демилгеси кайтпас болуп аяктады деп билдирүү таркатты. Ал 2014-жыл, 21-сентябрда президент сарайында кол коюлган тынчтык жана кызматташтык келишими жаңы саясий шериктик жаатындагы саясий келишимди бекемдейт, жаңы саясий шериктикте негизги этибар диалог конференциясы чыгарган токтомдорго жана элдин талаптарына жооп берүүгө каратылат деп көрсөтүп өттү (nbaonline 2014-жыл, 25-сентябрь).

Ошого карабастан, расмий бийлик президент Ходий жана кээ бир маанилүү министрликтер аркылуу Британиянын колунда кала берди... Азыр эле айтып өткөнүбүздөй, Британия Али Солихтин хувсийлер менен шерикчилик кылышына жол ачып берди. Британия эгерде Ходий хувсийлердин бийликке активдүү аралашууларына чек коюуда өзүнүн президенттик өкүмдарлыгынан пайдалана албай турган болсо, өз таасирин кайрадан тикелөө сызыгы катары ушундай кылды. Бул жерде мына ушул келишимге тиркелген коопсуздук тиркемеси да бар болуп, хувсийлер башында ага кол коюудан баш тартышты, бирок, алар ага бир аптадан кийин, Ходий премьер-министрди дайындоону – хувсийлер коопсуздук тиркемесине кол коюшпаганы үчүн – кечиктирген убакта кол коюшту. Т.а. президент бул сапар – хувсийлер коопсуздук тиркемесине кол коюудан баш тартышканы үчүн – премьер-министрдин атын жарыялоону кечиктирүүдө өзүнүн президенттик мансабынан пайдаланды. Мына ошондон кийин хувсийлер ага кол коюшту, акыйкатта болсо, алар бүгүнкү күнгө чейин аны иш жүзүндө

аткарышкан жок! Хувсийлер ага премьер-министрдин атын жарыя кылуу кечиктирилгени өздөрүн кыйын абалга кептеп койгондон кийин гана кол коюшту. Анткени, Жамал ибн Умар «хувсийлер бул келишимге кол коюшу керек» деген пикирге келди. Анткени, кабыл алуу жана четке кагуу ага кол коюу жаатында эмес, аны аткаруу жаатында болот! Жамал ибн Умар хувсийлер жамааты тынчтык жана шериктик келишиминин коопсуздук тиркемесине – ага кол коюудан баш тарткандан бир аптадан кийин – кол койгонун айтты. Муну хувсийлердин расмий сүйлөөчүсү Мухаммад ибн Абдуссалам: «Коопсуздук тиркемесине жөнөкөй эле өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин кол коюлду», - деп тастыктады (khabaragency.net 2014-жыл, 27-сентябрь). Ирандын да ролу болгону көрүнүп турат. Анткени, кол коюу Йемен жооптуулары тыңчылыкта жана куралдуу согушкерлерди машыгуудан өткөрүүдө айыпталган Иран ынкылабынын сакчылары эксперттеринен экөөнү о.э. Ирандан хувсийлерге курал-жарак контрабанда кылууда айыпталган башка сегиз адамды эркиндикке чыгарышкандан кийин жүз берди! Британия кол коюунун өзүнө эмес, аткаруу зарылдыгына маани берди. Бул позицияны Йемендеги Британия элчиси Жейн Марриот: «Мен хувсийлерден өздөрү кол койгон келишимди урматташын талап кылдым, бул болсо, алар өз күчтөрүн Санъа көчөлөрүнөн жана анын айланасындагы аскерий штабдардан алып чыгып кетиши аркылуу болот», - деп билдирди. Ал дагы: «Биз алардын эч кечиктирбестен дароо Санъаны таштап чыгып кетишин жана коопсуздук маселесин Йемен коопсуздук күчтөрүнө калтырышын көрүүнү каалайбыз, ошол эле убакта биз хувсийлер жана башкалардын Йеменде өздөрү ойной турган бир мыйзамдуу ролго ээ болушун кабыл алабыз, хувсийлер жаңы премьер-министр дайындалган кезде Санъа көчөлөрүнөн чыгып кетиши керек, биз хувсийлердин ушундай кылышын күтүү менен бирге муну жакындан күзөтүп турабыз, эгерде алар мындай кылышпаса биз муну келишимди бузуу деп эсептейбиз» (Шаркул Авсат 2014-жыл, 27-сентябрь).

6 – Ходий өзүнө көптөгөн басымдар болгонун билдирди. Мисалы, Йемен маалымат агенттиги «Сабаъ» кабар таркаткандай, Ходийдин өз режиминдеги башчылар, министрлер жана депутаттардан турган жооптуулар алдында сүйлөгөн сөзүндө т.а. келишимге кол коюлгандан эки күндөн кийин төмөнкү сөздөр келди: «Мен силерге Йемендеги тарыхыбыздын мына ушул оор ирмеминде кайрылуу менен өткөн күндөрдүн оор болгонун толук түшүнөмүн, мен силердин баарыңар жүз берген нерсенин соккусун, мамлекеттин кээ бир мекемелери жана армия бөлүктөрү өзүбүз күбөсү болгон көрүнүштө моюн сунганынан турган соккуну сезип турганыңарды да түшүнүп турамын, бирок, силер бул тил бириктирүү элестетип болбой турган даражада болгонун да билип коюшуңар керек, анткени, бизге арка жактан канжар сайышты жана бизге кыянат кылышты». Ал дагы: «Бул албетте мекен чегараларын муунтуп кирген бир тил бириктирүү болуп эсептелет, анда колдон чыгарылган кызыкчылыктар ээлеринен жана учурдан пайдаланып калуучулардан турган бир нече күчтөр өз ара союз түзүштү, биз аларды ар бир окуяда бул мекендин боорун жеп жаткан абалда көрөбүз», - деди (Йемен маалымат агенттиги «Санъа» 2014-жыл, 23-сентябрь). Ходий «alasria.net»те 2014-жыл, 15-сентябрда келгендей, Иранга чабуул кылып мындай деди: «Биз Йемендын ички иштерине ар кандай аралашуунун натыйжасынан көп жолу эскерттик, бирок, жүз берип жаткан нерселер бул региондо өкүмдарлык орнотуу үчүн жана Йеменды чоң коркунучтарга дуушар кылуу үчүн жолдонгон «каттар» болушу мүмкүн, анткени, бул жерде Ирандын Йемен иштерине аралашып жатканын далилдей турган далилдер бар».

7 – Америка бул келишимди алкыштады. Бул болсо, Америка болуп жаткан бардык нерсени колдоп-кубаттап жатканына, хувсийлердин борборго киришин каалаганына о.э. алар менен келишим курал-жарак басымы астында болуп жатканына жана алардын бир салмактуу саясий түзүм катары кабыл алынышына ишара кылат... Мисалы, Америка президентинин терроризмге каршы күрөшүү иштери боюнча кеңешчиси Лиза Монако Ак үйдөн туруп

Йемен президенти Ходий менен телефон аркылуу сүйлөшүүдө: «Бул утуш (келишимге кол коюлганы) кеңири камтуучу улуттук диалог конференциясы чыгарган токтомдор үстүнө курулган негизги таянычты чагылдырат», - деди. Ал дагы: «Кошмо Штаттар окуяларды жакындан күзөтүп турат», - деди (yemenstreet.net 2014-жыл, 24-сентябрь). Ошентип, болуп жаткан бардык окуялар Америка тарабынан болуп жаткан басым аркылуу болууда, Америка ушундай көрүнүштө Иранга көз каранды болгон хувсий түзүмүн – аны өзү куралдантканына карабастан – Йемендеги саясий курамдагы түзүмдөрдүн бири катары моюнга алууга режимди мажбур кылмакчы. Мындан Американын максаты Йемендеги режимди өзүнүн пландарын ишке ашырууга моюн сундуруу, Америка Ливанда да Иранга көз каранды куралдуу саясий партияларга карата кудум ушундай кылган эле.

Бул жерде Америка аракет кылып жаткан дагы бир иш бар. Бул иш кол учу менен болгон ишарага Йеменды моюн сундуруп коюу үчүн жан үрөп аракет кылууга Американы үндөп жатат. Буга Йемендын стратегиялык жайгашуусу эле эмес, тескерисинче, отчёттордо басылган нерселер да себеп болууда. Анткени, отчёттордо Йеменде өтө чоң запастагы нефть жана газ байлыктары бар экендиги көрсөтүлгөн. Мисалы, Америка телеканалы «skynews»тин билдиришинче, дүйнөдөгү жер астындагы нефть запасына чейин жетип баруучу эң чоң нефть булагы Йеменде, анын бир бөлүгү 1800 метр тереңдикте Саудияга чейин созулуп барат, бирок, эң чоң казына Йемен жеринин астында... (yemensaeed.com сайты 2013-жыл, 1-август). Йемен нефть министрлиги – «Йемен нефть жана кендер министрлиги сайтында» 2013-жыл, 13-январда келгендей – «skynews»тин отчётун четке каккан болсо да бирок, «skynews» таркаткан бул кабар маанилүү маселе болуп кала берет. Айрыкча, Америкага окшогон колонизатор мамлекеттер маани бере турган маселе болуп кала берет. Ошондуктан, демек Америка элчисинин Йемен нефть министрлиги менен алакалары жылуу алакалар болуп эсептелет! «sabanews.net» 2014-жыл, 15-сентябрда Йемендеги Америка элчисинин

Йемен нефть министри менен 2014-жыл, 15-сентябрда жолугушканы жөнүндө төмөнкүлөрдү таркатты: «Америка элчиси бир нече Америка компанияларынын 2014-жылы ноябрда өткөрүлүүчү эл аралык Абу-Даби нефть конференциясынан тышкарыда Йемен нефть жана кен-байлыктар министрлигиндеги адистер менен жолугушууну каалап жатканын көрсөтүп өтүү менен Йемендеги нефть секторуна инвестиция жаткыруу кеңейип бара жатканы көрсөткүчтөрүнө, айрыкча, көптөгөн аймактарда нефть издөө иштери уланып жаткан соң ушундай болушуна көңүл бурду». Булардын бардыгы Американын Йеменга маани беришин ого бетер күчөтөт.

**8 – Тыянак:**

а) Йеменде күрөш эки топтун ортосунда: Америка жана анын малайлары менен Британия жана анын малайлары ортосунда кызып барууда, эки тарап тең өзүнүн каражаттары жана ыкмаларын ишке салууда... Америка хувсийлер, түштүк аракеттерди жана Иранды ишке салып о.э. Жамал ибн Умар аркылуу «олжо»го жетишүү үчүн сүйлөшүүлөр ыкмасынан пайдаланып жаткан болсо, Британия Ходийдин президенттик мансабынан пайдалануу аркылуу саясий түлкүлүк жана Американын басымдарынан сактануу үчүн Америка менен келишүү логикасы боюнча аракет кылууда. Ал Американын бийликтеги маанилүү мансаптарга кожоюн болуп алышына мүмкүнчүлүк бербестен ушундай аракет кылууда. Британия Али Солихти хувсийлер менен шерик болууга таштоо аркылуу да аракет кылууда. Анткени, ошондо Ходий ийгиликсиздикке учурап тараза ташы хувсийлердин пайдасына баскан күндө да Британиянын бийликте Али Солих жана анын адамдары аркылуу өтө чоң үлүшү болот.

б) Хувсийлер Йеменди башкаруу үчүн калк тарабынан жетиштүү колдоого ээ эмес, ырасында ушундай болгон соң, демек күчтүн өзү гана Йемендеги бийлик тизгинин колдо кармап туруу жана улантуу үчүн жетиштүү эмес. Айрыкча, саясий катмар хувсийлер тарабында болбогон соң, жаңы саясий катмарды пайда кылуу болсо азыркы шартта өтө кыйын

болгондуктан да күчтүн өзү гана жетиштүү эмес... Ходий жана анын тобуна келсек, алар мейли саясий чөйрөгө ээ болушса да, бирок, акыркы өзгөрүштөр алардын өкүмдарлыгына зыян жеткирди. Мунун болсо англистер таасиринин – Йеменде өткөн он жылдыктарда болгондой – толук жеке өкүмдар болуу даражасынан түшүп кетүүсүнө таасири болот. Ошондуктан, демек Британия жана анын малайларына бийлик тизгинин – кудум мурда болгону сыяктуу – өз колунда кармап калышы жана бул бийлигин улантышы жеңил болбойт.

в) Бул Йеменде күтүлүп жаткан чечим Америка менен Британия ортосундагы капиталисттер тарыйкаты боюнча орточо (келишүүчү) чечим болушун түшүндүрөт. Демек, бийлик ошол тараптар ортосунда шериктик болот... Адатта капиталисттерде орточо чечим көпкө чейин турбайт, ал кудум согушуп жаткан согушкердин дем алуусуна окшойт. Ошондуктан, бул чечим качан Америка же Британия бул маселени өз пайдасына чечүүгө кудуреттүү болгонго чейин уланат. Т.а. Йемендеги окуялар кээде тынчып, кээде болсо олуттуу түс алуу менен улана берет. Бул күрөшүп жаткан эки тараптын саясий жана аскерий күчтөрүнүн таразасына карай болот.

г) Жогоруда айтылгандарга ылайык жыйынтык чыгаруу мүмкүн болгондой, Йемендеги иштер биротоло тынчыбай, курчуп бара берет. Алар төмөнкү эки абалда гана биротоло токтошу мүмкүн: Биринчиси, Америка же Британия иштерди өз пайдасына биротоло чече алса жана мына ошондон кийин Йеменде күчтүү таасирге ээ боло алса. Бул болсо, азыр эле айтып өткөнүбүздөй, жеңил иш эмес. Экинчиси болсо, Аллах бул Үммөттү Халифалык менен сыйласа. Анткени, Халифалык колонизатор кафирлердин таасирин жок кылып таштайт, аларды өлкөлөрүбүздөн түп-тамыры менен сууруп таштайт, алардын пенделер ортосундагы карасанатайлыктарын жана зомбулуктарын жок кылат. Натыйжада куфр жана анын калкы кор, Ислам жана анын калкы болсо азиз болот. О.э. момундар Аллахтын нусраты себептүү шаттанышат.

﴿وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ الْمُؤْمِنُونَ * بِنَصْرِ اللَّهِ يَنْصُرُ مَنْ يَشَاءُ وَهُوَ الْعَزِيزُ الرَّحِيمُ﴾

***«Ошол күндө момундар Аллах үстөм кылганы себептүү шаттанышат.*** *(Аллах)* ***Өзү каалаган кишисин үстөм кылат»*** [30:4-5]

Ошондуктан, ыйман жана хикмат калкы болгон Йемен калкына татыктуу болгон иш – мына ушул нерсени ишке ашырып, дүйнө жана акыретте жеңишке жетишүүсү. Анткени, Аллах солихтерди дос тутат.

**7-зул-хижжа, 1435-х.**

**1-октябрь, 2014-м.**

**Йемендеги өзгөрүүлөр**

**Суроо:**

*Йеменде жана Саудияда этибарды тарта турган окуялар жүз берди. Себеби, Йеменде Хувсийлер Санъа үстүнөн көзөмөл орнотушту. Алгач өкмөт, андан кийин республика президенти 2015-жылы 22-январда отставкага кетти. 2015-жылы 23-январда Саудия падышасы Абдуллах дүйнөдөн кайтты жана анын ордун Салман ибн Абдулазиз ээледи. Менин суроом эки бөлүктөн турат:*

*Биринчи: Йемендеги окуялар дагы деле Хизб 2014-жылы 1-октябрда чыгарган анализге ылайык жүрүп жатабы? Кандай чечим күтүлүп жатат?*

**Жооп:**

1 – Йеменде жүз берген окуялар жараянын күзөткөн киши анын 2014-жылы 1-октябрда берген Жоопубузга толугу менен дал келип жатканын көрөт. Себеби, Америка Йеменде курал күчү жана мажбурлоо менен иш жүргүзүп жатат: Хувсийлер Санъаны жана башка жерлерди ээлеп алышты, «элдик козголоң жана элдик комиссиялар» деген хужжат менен адамдарды камап жана өлтүрүп жатышат. Англичандар Йеменде саясий түлкүлүк кылып, эки сызык боюнча иш алып барууда: Биринчиси, Ходий алдын ала эсептелип чыккан манёврларды жасап, өзүнүн президенттик башкаруусунан пайдаланды. Хувсийлер аны кысымга алган сайын, ал убадаларды берип, аларды келишимдер менен үмүткөр кылып алдады жана бул келишимдердин

ишке ашуусун артка сүрдү. Ходийдин максаты Хувсийлерге ачылып калганга чейин ушундай иш тутту. Ушундан кийин Хусийлер аны ар тараптан кысымга алышты жана бардык келишимдер ишке ашырылышын катуу талап кылып туруп алышты. Ошондо Ходий отставкага кетип, аларды кеңгиретип койду! Натыйжада, жаңы эле орношуп, эми чечим табам деп турган Хувсийлер кайра дагы туруксуздук абалына түшүп калышты.

2 – Мурунку президент Али Абдуллах Солих аркылуу ишке ашышы божомолдонгон план. Англистер Солихке өзүнүн бар экенин Хувсийлерге көрсөтүүнү буюрду. Ошондуктан, ал алардын ичине кирип барды жана алардын «досуна» айланды, негизи, буга чейин алардын душманы эле. Солих аларга өз күчтөрү менен жардам берди, акыбетте, хувсийлерге алардан бөлүнүү кыйын болуп калды. Бул экинчи план боюнча, президент Ходийдин Хувсийлерге таасир өткөрүүдөгү манёврлары ийгилик келтирбей турган болсо, Али Абдуллах Солих жана анын тобу башкарууну Хувсийлер менен өз ара бөлүшүп алышат. Натыйжада, англистер да, америкалыктар да үлүшкө ээ болушат.

3 – Йемендеги окуялар жараяны мына ушундай. Себеби, Британия Йемен үстүнөн мурдагыдай өкүмдар болуп алууга күчү жетпей калды. Азыркы убакта Америка менен анын малайларына аскерий каршылык көрсөтүшкө да кудуреттүү эмес. Ошон үчүн, Британия саясий түлкүлүк жолуна өтүп алды. Муну малайлары Ходий жана Али Солих аркылуу ишке ашырышка аракет кылууда, бул эки малай өздөрүнүн ролдорун тыкан аткарышты:

Маселен, Ходий өз манёврларын аткарууда жана убакытты созууда эң акырына чейин барды жана ушундан кийин гана отставкага кетти. Акыбетте бүткүл мамлекет бойлоп демонстрациялар кең түс алып, Хувсийлер кыйын абалга түшүп калышты. Себеби, мындан мурун Хувсийлер «төңкөрүш кылышты» деген атка калбастан эле, өздөрүнө мыйзамдуу түс бере турган президент чечимдери аркылуу өз өкүмдарлыктарын орнотууга жетишмекчи

болушкан. Эми алар төңкөрүш жасашты деген атка калышты. Курч кырдаалды, айрыкча мамлекет борбору Санъадагы кырдаалды оңдоодон кыйнала турган болушту. Бул да жетишпегендей, президент орду да бошоп калды.

Солих жөнүндө айта турган болсок, анын Хувсийлер менен аралашып кеткени көзү көр кишиге да анык болуп калды. Британия, анын малайлары жана телеканалдары Али Солихтин Хувсийлер менен бирге экени жөнүндөгү маалыматтарды тышка чыгарууга салым кошушту. Мындан алар Хувсийлерди адамдар алдында кыйын акыбалга салып коюш максатын көздөштү. Себеби, адамдар Солихке каршы анын жаман иштери үчүн козголоң көтөрүшкөн эле. Азыр болсо аны менен Хвусийлер бир тарапта болуп калышты. Телеканалдар Хувсийлерге Солихтен бөлүнүүнү кыйын кылып көрсөтүп коюуда! Бул телеканалдарды, айрыкча, ал-Жазираны күзөткөн кишиге бул анык көрүнүп турат. Себеби, бул телеканалдар «Хувсийлер коррупцияга каршы күрөшөбүз дешкени менен, бирок өздөрү коррупциячылардын эң чоңу Солих менен мамиледе болуп жатат» деген сөздөргө басым жасашты. Хувсийлердин Солих менен алакада экенин анык көрсөтүп турган маалыматтарды таркатышты. Бул агылып чыккан маалыматтар артында англистердин малайлары турат. Мисалы, ал-Жазира 2015-жылы 21-январда Солих менен Хувсийлердин жетекчиси Абдул-Вахид Абу Рас ортосунда болуп өткөн сүйлөшүү жазылган бир үндүү тасманы эфирге узатты. Телеканалдын айтышынча, бул тасманы ушул каналдын өзү колго киргизген имиш! Бул үндүү тасма Солихтин Хувсийлер менен келишип аракет кылып жатканын көрсөтүп турат.

4 – Келечекте эмне күтүлөрүнө келсек, эки тарапка тең ишти Йемен үстүнөн өзү жалгыз өкүмдар болуп ала тургандай кылып өз пайдасына чечип алышы кыйын. Капитализм тарыйкаты боюнча орточо чечим болушунун ыктымалы күчтүүрөөк. Мындай чечим бул кризиске чек койбойт. Тескерисинче, бул ишти өз пайдасына чечүүгө мүмкүнчүлүк болгонго

чейинки бир аз тыныгууга окшойт. Бул кризиске бир гана Халифалык адилет жана жакшылык менен чек коет. Ошондо Ислам жана мусулмандар азиз болот, куфр жана кафирлер кор болот. Бул Аллахка кыйын эмес.

5 – Мына ушулар Йеменде болуп жаткан окуялар жараяны. Биз буга карата өзүбүздүн саясий көз карашыбызды 2014-жылы 1-октябрдагы Жоопубузда айткан элек. Мен сизге анда келген кээ бир нерселерди – биздин үч ай мурун чыгарган райыбыз туура экенин көрүшүңүз үчүн – келтирип өтөмүн:

« Британия Йемен үстүнөн өкүмдарлык кылууда салмактуу утуштарга жетишүү үчүн Америка күч колдонууга олуттуу киришкенин о.э. хувсийлерге Иран аркылуу курал-жарак жана техникадан турган таасирдүү күч-кубат берилгенин түшүндү... Британиянын муну түшүнүүсү аны буга каршылык кылууда төмөнкү эки план боюнча аракет кылууга үндөдү: Биринчи план, хувсийлердин күчтүү бийликке ээ болушуна мүмкүнчүлүк бербөө үчүн Ходийдин президенттик мансабынан пайдаланууга бар болгон күчүн ишке салышы. Экинчи план болсо, Али Солихти кудум ал Ходий башкаруусуна каршы сыяктуу хувсийлерге шерик катары оюнга киргизүү. Солихтин кээ бир тарапкерлери да Элдик башкы Конгресс (Йемендын мурдагы президентинин партиясы) байрагын көтөрүп чыгып хувсийлерге кошулушту. Британия элчисине «мурдагы президент Али Абдуллах Солих менен байланыштыңарбы» деген суроо берилгенде, элчи: «Менин Али Абдуллах Солих менен түздөн-түз алакам жок, бирок, мен Элдик башкы Конгресс партиясы менен ошону менен бир катарда бул партияга жакын тараптар менен байланышып турамын», - деп жооп берди (Шаркул Авсат 2014-жыл, 22-сентябрь). Мындан түшүнүлгөндөй, Британия өзүнүн малайы Али Солихке да хувсийлер менен кызматташууну сунуштаган. Анткени, Британия элчиси өзүнүн Али Солих партиясы менен байланышып турушун моюнга алды. Али Солих болсо бул партияны башкарат, ага өкүмүн өткөрөт, бул партияда ага атаандаш боло турган жана ага каршы чыга турган адам

жок. Хувсийлердин расмий сүйлөөчүсү Мухаммад Абдуссалам да: «Биз Солихтин 2011-жылдагы февраль козголоңунан кийин жана андан мурда да эч кандай ролу болбогон деп билебиз, ошондуктан, диалог конференциясы чыгарган токтомдор аны муалажа кылат (жолго салат) деп үмүттөнөбүз», - деди (Кувейттин «Саясат» гезити 2014-жыл, 23-сентябрь). Бул болсо, хувсийлер да Али Солихке оң көз караш менен карай тургандыктарын көрсөтөт. Бул нерсе англистердин Али Солихке жана өздөрүнө малай партияга т.а. Али Солих башчылыгындагы Конгресс партиясына мына ушул позицияда туруп хувсийлер менен кызматташууну уктурушкандыгын тастыктап турат. Хувсийлер менен бул кызматташтык борборго кирүү аркылуу ишке ашырылды....».

Ушундан кийин биз сөзүбүздү минтип тыянактаган элек:

«в) Бул Йеменде күтүлүп жаткан чечим Америка менен Британия ортосундагы капиталисттер тарыйкаты боюнча орточо чечим болушун түшүндүрөт. Демек бийлик ушу тараптар ортосунда шериктеш болот... Адатта капиталисттер да орточо чечим узак уланып кетпейт, ал кудум урушуп жаткан согушкердин дем алышына окшойт. Ошон үчүн бул чечим Америка же Британия бул теманы өз пайдасына чечиүүгө кадыр боло алганга чейин уланат. Т.а Йемендеги окуялар кээде тынчып, же кээде күчтүү түс алып, өзгөрүп уланып кете берет. Бул болсо, күрөшүп жаткан эки тараптын саясий жана аскерий күчтөр салмагына карап өзгөрөт.

г) Жогоруда айтылгандарга ылайык ушудай жыйынтык кылуу мүмкүн. Йемендеги иштер үзүл-кесил тынчтанбай кескиндешип бара берет. Алар бир гана кийинки эки абалда үзүл-кесил тынчтанышы мүмкүн: биринчиси, Америка же Британия иштерди өз пайдасына үзүл-кесил чечим кыла алса жана мына ушундан кийин Йеменде күчтүү башкаруу таасирге ээ болсо. Бул азыр эле баян кылганыбыздай оңой иш эмес. Экинчиси, Аллах бул үммөткө Халифалыкты тартуу кылса. Себеби, Халифалык колонизатор капыр таасирин талкалап жок кылып таштайт, аларды мекенибизден түп-тамыры

менен сууруп таштайт, алардын пенделер ортосундагы кара санатайлык жана күч колдонууларына чекит коет. Натыйжада куфр жана анын малайлары, Ислам жана анын үммөтү азиз болот ошондо момундар Аллахтын нусраты себептүү курсант болушат.

﴿وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ الْمُؤْمِنُونَ * بِنَصْرِ اللَّهِ يَنْصُرُ مَنْ يَشَاءُ وَهُوَ الْعَزِيزُ الرَّحِيمُ﴾

***«Ошол күндө момундар Аллах жеңишке ээ кылгандыгы себептүү шаттанышат.*** *(Аллах)* ***Өзү каалаган кишини үстөм кылат»*** [Рум 4-5]

Ошондуктан, ыйман жана хикмат калкы болгон Йемен калкына татыктуу болгон иш – мына ушул нерсени ишке ашырып, дүйнө жана акыретте жеңишке жетишүүсү. Анткени, Аллах солихтерди дос тутат".

Ушинтип, иш жараяны биз өзүбүздүн 2014-жылы 1-октябрдагы анализбизде баян кылгандай таризде жүрүүдө.

## Аданда жүз берген жана жүз берип жаткан иштердин маңызы!

**Суроо:**

*Аданда жүз берген жана жүз берип жаткан иштердин түпкү маңызы кандай? Хадий Зубайдийди Аданга мэр кылып дайындаган болсо, Зубайдий Кеңеши менен Хадий өкмөтү ортосунда эмне үчүн согуш болуп жатат. О.э. Зубайдий мэрлик кызматынан бошотулган соң, Хадий өкмөтү ага каршы эч кандай чара көрбөдү, тескерисинче, ал өкмөттүн көз алдында беймарал күчтөрдү топтоп жатат?! Өткөөл Кеңеш Аданды ээлеп алышы артынан эмне күтүлөт?! Сизге урматтоо менен ыраазычылык билдиремин.*

**Жооп:**

Жооп толук болушу үчүн ушуларды баян кылуубуз зарыл:

**Биринчи:**

Британия Саудиянын «Чечкиндүүлүк бороону» деген аба чабуулдары Хусийлерди биротоло жок кылуу үчүн болбогонун амалият башталганда эле түшүнүп жеткен. Эгер, аларды жок кылуу керек болгондо, Саудия кургактык

күчтөрүн шексиз киргизмек. Тескерисинче, Хусийлер Йеменды аскерий учактардын чабуулунан коргоп жаткан каармандар, ошол эле учурда, мазлумдар катары көрүнүшү, ушул аркылуу элдин да, коомчулуктун да колдоосуна жетишип, Йемен бийлигинен бирер үлүшкө шерик болушу көздөлгөн. О.э. эгер Саъда вилаятынын колдоосу алынса, бул вилаятта бир уруу болуп келген Хусийлер бүткүл Йеменде өкмөт менен атаандашкан күчкө айланат! Британия мына ушуларды жакшы билгендиктен, Амирликтерге «Чечкиндүүлүк бороону» коалициясына кошулуп – Хусийлерге каршы үстүртөн эмес, реалдуу согуш алып баруусу үчүн – Саудия менен бирге болуу вазыйпасын жүктөдү... Британия эки максатты көздөп Амирликтерди бул ишке киргизди:

**Биринчи максат:**

**Амирликтер Хадийге альтернатива жаратып бериши керек.** Себеби, бүгүнкү күндө Хадий Саудияда кудум туткун сыяктуу жашап жатат, күчү да, кайраты да жок. Ошондуктан, Британия Аданда Хадийдин ордуна – Саудияга эмес, Британияга итаат кылган – башка бир малай жаратууга умтулуп жатат. Ушул максатта Амирликтер арты-артынан альтернативаларды издеп табууга кириштi. Белгилүү болгондой, 2007-жылы өзүн «Йемен түштүгү» деп расмий жарыя кылган Түштүк кыймылы бар. Оппозициячыл активист Хасан Баум жетектеген бул кыймыл Америка менен алака кылат жана Иран тарабынан колдоп-кубатталат. Британия болсо, бул кыймылдын аракетинен тынчсызданган, акыры, Салих өлтүрүлгөндөн кийин Британиянын тынчсыздануусу коркуу даражасына чыкты. Себеби, түндүктө Хусийлердин таасири кеңейиши акыбетинде Британиянын ал жердеги таасири алсырады... Ошондуктан, ал Түштүктө өзүмө бирер күч пайда кылышым керек, ошондо Йемен башкаруусунда көзүр картага ээ болушум мүмкүн, эгер Йемен башкаруусуна ээ боло албасам, эч болбогондо түштүктө ээ боло аламын деген чечимге келди. Ушул себептен улам, Британия өзүнө Түштүктө таасир жаратуу жөнүндө олуттуу ойлоп баштады. Британия Хадийге толук таяна

албаган, себеби, Саудия аны туткундукта кармап турат. Ошондуктан, Британия бул ишти Амирликтер аркылуу кылууга киришти. Т.а. Түштүк кыймылына жарып кирүүнү же сахнада негизги роль ойногон жаңы кыймылды пайда кылып, Түштүк кыймылын четке чыгарууну чечти. Кийин Британия Амирликтер жана анын тарапташтары аркылуу Баум кыймылына параллель болгон жана түштүк маселесинде атаандаша турган дагы бир түштүк кыймылын түзүүгө катуу аракет кылды.

Ушул жерде англистердин бактысына Айдарус Зубайдий табылып калды. Түштүк кыймылындагы белгилүү жетекчилердин бири болгон бул кимсе англистердин командасына жакын. Хадий аны 2015-жылы декабрда Аданга мэр кылып дайындаган. Т.а. Саудиянын «Чечкиндүүлүк бороону» башталгандан нече ай өтүп Зубайдий мэрликке дайындалышы англистер ага катуу ишенерин түшүндүрөт. Айдарус Зубайдийге Аданда шаардын ийгиликтүү мэрине айланды, электр жарыгын кайра жолго койду, куралдуу кылмышкерлерди кууп чыгарды, Хусийлерге каршы күрөштү... Ал ушундай ийгиликтери менен Түштүк кыймылындагы тарыхий жетекчи Хасан Баумга тек келе турган белгилүү саясий жетекчи катары белгилүү болду. Бул саясий жактан. Аскерий жактан болсо, Айдарус Зубайдий Ханий ибн Бурайкка таянат. Бурайк «Түштүк куру» күчтөрүн түзгөн адам, ал Амирликтердин түштүктөгү ишенген адамы деп каралат: «Бурайк «Түштүк куру» деп таанылган күчтөргө негиз салды. Бул күчтөр Йемен түштүгүндө ачык-ашкере Амирликтер тарабынан колдоп-кубатталган согушкерлер». (Sasapost.com, 2017-жыл, 2-ноябрь). Ошентип, Зубайдий менен Бурайк экөөсү Түштүктөн кызыкдар. Бирок, экөөсү англиячыл Хадий өкмөтүндө болушкандыктан, экөөсү Түштүк кыймылына чакырышса, кадыр-барктуу боло алышпайт. Ошондуктан, биринчи кадамда экөөсү тең ашкере түрдө Хадий өкмөтүнөн чыгарылды. Айрыкча, Зубайдий Хадий тобу менен катуу жаңжалдашып, кийин анын айланасында түштүктүктөр топтолуп, жаңы кыймыл түзүлө турган болду. 2017-жылы 27-апрелде Йемен президенти Айдарус Зубайдий

Адан мэрлигинин кызматынан, Ханий ибн Бурайк министр кызматынан бошотулсун, Бурайкка карата тергөө башталсын, деген мазмунда токтом чыгарды. Токтом артынан эле каршылык көрсөтүп миңдеген Йемендыктар Түштүк Аданда наразылык демонстрациясына чыгышты. Кийин 2017-жылы 11-май күнү Зубайдий Түштүк өткөөл кеңешине төрага болуп дайындалганы, Ханий ибн Бурайк 26 мүчө менен кеңештин төрагасынын орун басары болору жарыяланды. Ошентип, Британия амирликтер аркылуу Хадий өкмөтүнө альтернатива жаратты. Бул альтернатива Өткөөл кеңеш болуп, Британия аны убагы келгенде ишке салат. Кеңеш Амирликтердин армиясы тарабынан корголгон абалда аброй менен Аданда калды.

**Экинчи максат:**

**Хадиданы Хусийлерден азат кылуу:**

а) Амирликтер Йеменга абадан да, кургактыктан да кирген. Себеби, кургактыктан аралашуу болбосо, абадан аралашуу согушту чече албайт. Ошондуктан, Амирликтер өз күчтөрү менен бирге Хадидадагы жардамчыларын да согушка үндөдү, эгер, АКШ гуманитардык жардамдар деген шылтоо менен ага каршылык кылбаганда, Хадиданы Хусийлердин чеңгелинен сууруп алышына аз калган эле. Эми, эмне үчүн Хадида мынчалык маанилүү экенине келсек, Британия Хусийлерди негизинен Иран колдоп-кубаттап жатканын билет, Санъа аэропорту жабылып, Түштүк порттору көзөмөлгө алынгандан кийин, Иран үчүн Хусийлерге жардам жеткирип бериле турган жалгыз өтмөк Хадида болуп калды десе болот. Ошондуктан, Амирликтер Хадиданы ээлөөгө багыт алды... Хусийлер кыйын абалда калышты. Себеби, Амирликтер тарабынан колдоп-кубатталган күчтөр Хадидага жана анын порту жанына келип, ал жерлерди басып алышы мүмкүн болуп калды. Хадидада согуштар болуп, Амирликтер жана андан жардам алган согушкерлер Хадида портун ээлеп алышынын ыктымалы пайда болуп, Хусийлердин Йемендеги бийлиги коркунуч астында калды. Ошондуктан, Абдулмалик Хусий болгон күчтөрүн ушул коркунучту жоюуга сапарбар

кылды. АКШ да бардык жооптууларын сапарбар кылып, Йеменде гуманитардык абал коркунуч астында калды, ал жердеги ачарчылыкты алдын алуунун бирден-бир жолу Хадида порту деп жалгандан көз жаш төгүп баштады. Негизи, Амирликтер жана анын жергиликтүү союздаштары чабуулдарды күчөтүү, Хадиданы толук ээлөө максатында эл аралык мүмкүнчүлүктөрдү издешкен. Кала берсе, Амирликтердин Хадидадагы чабуулун токтотуу Америка үчүн чоң проблемага айланды. Себеби, бул шаар Хусийлердин колунан чыгып кетсе, алар туңгуюкта калышат!

б) Кийин Истамбулда саудиялык журналист Хашакжийдин өмүрүнө кол салынган жырткыч кол салуу окуясы жүз берди. Бул окуя эл аралык чөйрөдө Саудияга о.э. аны коргогон Трампка карата кескин чөйрө пайда кылды. Ошондо, Америка коомчулукту мындай эл аралык чөйрөдөн чалгытып, белгилүү бир даражада Хашакжий темасын жаба турган жана Саудия менен Трампты оңтойсуз абалдан чыгара турган теманы т.а. Йемен темасын көтөрүп чыгуу керек деген пикирге келди. Кийин АКШ Сенаты Американын Йемендеги согушту аскерий жактан колдоп-кубаттоосуна чекит коюуга добуш берди. «Сенат Йемендеги Саудия башчылыгында алып барылып жаткан кампанияны аскерий жактан колдоп-кубаттоону токтотууну 41 добуш каршысында 56 добуш менен макулдады». (Рейтер, 2018-жыл, 14-декабарь). Ушуга ылайык, Саудияны эл аралык туңгуюктан чыгаруу жана Хашакжий маселесин жабуу үчүн Америка Йеменде отуз күн ок атууну токтотууга чакырды... «АКШ Коргоо министри Жеймс Мэттис Йемендеги күрөшүп жаткан тараптардан отуз күн ок атууну токтотууну жана өлкөдөгү согушка чекит коюу үчүн олуттуу сүйлөшүүлөрдү баштоону талап кылды. Ал «Йеменде бири-бирине каршы согушуп жаткан тараптарга тынчтыкка карай кадам таштоонун убагы келгенин» баса белгилеп: «Муну ишке ашырышыбыз үчүн бизге отуз күн керек, менин оюмда, Саудия менен Амирликтер бул жаатта кадам таштоого даяр», - деди». (Халиж онлайн, 2018-жыл, 31-октябрь).

в) Мунун артынан Йемен темасын чечүү үчүн Швеция келишимине кол коюлду. Британия бул нерселерди түшүнүп жетти, бул келишимди АКШ Хусийлер пайдасына багыттап турганын билген. Сүйлөшүүчү тараптын биринчиси Хусийлер болсо, экинчиси Саудиянын буйругуна моюн сунган Хадий. Кабарларда келишинче, өкмөт делегациясы келишимге кол койбошу керек, себеби, анда Хусийлерди Хадидадан чыгаруу маселеси каралбаган деп эсептелүүдө. Бирок, Саудиянын басымдары астында Хадий ыраазы болду! «Булактар Ал-Жазирага маалымдашынча, өкмөт делегациясы Риязда жашап жаткан Хадийге кат жиберип, келишимге кол койбоону дайындап, келишимде Хусийлердин Хадида шаарынан жана портунан чыгып кетиши камтылбаганын билдирди. Бирок, Йемен президенти акыркы сааттарда Саудия тарабынан катуу басымдар болгон соң келишимге кол койду». (Ал-Жазира, 2018-жыл, 13-декабрь). Табигый болгондой, Америка келишимди ашкере алкыштады. «АКШ мамлекет катчысы Помпео «Йеменде тынчтык орношу мүмкүн» деп эсептеп, келишимге кол коюлганын алкыштады». (Би-Би-Си, 2018-жыл, 14-декабрь). Хусийлер Хадидадан чыкпастан келишимге кол коюшу Америка үчүн маанилүү эле. Себеби, ал сүйлөөшүүчү тараптар т.а. Хусийлер да жана Саудияда туткундукта жашап жаткан Хадий да анын көрсөтмөсү боюнча жүрөт деп ойлогон.

**Экинчи:**

**Ушул жерде Британия Хадийдин альтернативасын ишке түшүрүүнүн убагы келди деп билди.** Мисалы, Америка түндүктө Хусийлерди бекемдөөгө жетишсе, англистер түштүктө Хадийдин альтернативасын даярдап койгон болот. Т.а. бул ушундай альтернатива, Америка да, анын малайы Саудия да туткунда сактап жатышкан англис малайы жардамында Хусийлер менен бирер чечимге келе албайт. Балким, түштүктөгү англистердин малайларынын аракетине күбө болушат, бул малайлар Саудия да туткунда кармап тура албай турган, Британия пайдасына гана иштей турган күчтүү тикендүү аракет экенине күбө болушат. Муну

менен Британия Йемен темасын чечкен болот. Ошентип, Адан окуяларын баштоо үчүн альтернатива т.а. Зубайдий кеңеши аракетке келтирилди.

1 – Аданда жүз берген соңку окуялар атайылап ылдамдатылды жана бул нерсе анык байкалып турат! Т.а. Түштүк өткөөл өкмөтү менен Адандагы мыйзамсыз өкмөт күчтөрү ортосунда абал курчуду, кийин 2019-жылы 7-августта «Коопсуздук тасмасы» менен өкмөт күчтөрү ортосунда кагылышуулар болду... Кагылышуулардан төрт күн өтүп, 2019-жылы 10-август күнү ушул билдирүү ачкталды: «Кагылышуулардан төрт күн өтүп, ишемби күнү Түштүк өткөөл кеңеши Адандагы Маашик сарайын ээлегенин жарыялады». (Франс 24, 2019-жыл, 10-август). О.э. Адандагы башка аскерий бөлүк жана мекемелер да Хадий өкмөтүнүн колунан чыкты!

2 – Бул окуялардын төрт күн ичинде тездешип кетишине Хадий өкмөтү, анын аппараты, республика президенти жана анын орун басары Британиянын малайлары экендиги да жардам берди. Себеби, алар Түштүк өткөөл кеңешине Британия тарабынан жүктөлгөн вазыйпанын аткарылышына ыңгайлуулук жаратып берип турушту! Ушул таризде Кеңеш маселени бир жактуу кылуунун өтөөсүнөн чыкты жана мунун бир нече далилдерин келтирип өтөбүз:

а) «Коопсуздук куру күчтөрүндөгү бир расмий булак: «Биз Маашик сарайын президенттик күчтөрүнөн каршылыксыз алдык», деди». (Франс 24, 2019-жыл, 10-август).

б) «Йемен ички иштер министри Ахмад Майсарий – Йемен президенти Аданда жүз берип жаткан окуяларга унчукпай турушу күмөн ойготууда, бул туура эмес, деди». (Ал-Жазира, 2019-жыл, 11-август).

в) «2019-жылы 10-август күнү Йемен өкмөтүнүн атайын күчтөрүнүн командачысы генерал-лейтенант Базл Баиш армиядан бөлүнүп чыгып, Өткөөл өкмөттүн күчтөрүнө кошулганын жарыялады. Ушул күчтөр тарабынан таркатылган видеодо ал мыйзамдуу өкмөт куралдуу күчтөрдөн бөлүнүп, өзү кошуундары менен биргеликте генерал-лейтенант

командачылыгы астындагы Түштүк өткөөл кеңешине кошулганын айтты». (Middlie Tast online, 10-август).

г) Мындан тышкары, Амирликтер да чоң роль ойноду. Кудум кожоюнуна окшоп алдады... Себеби, Зубайдийди эң көп колдогон Амирликтер болот! Мисалы, ал Саудия пландарына каршы бирер иш кылса, тезинен артынан – биз Саудия жетекчилигиндеги коалицияда шериктешпиз деп билдирүү берди! Экөөсү тең Йемен туруктуулугу үчүн «аракет кылышат»!

**Үчүнчү:**

Саудия абал – айрыкча хаж мезгилинде – мынчалык курчуп кетет деп ойлобогон көрүнөт. Ушул себептен улам, 2019-жылы 10-август күнү кечкурун Өткөөл кеңеш Аданды ээледи... Мына ошондо Саудия буга карата чара көрүүгө киришти. Мисалы:

а) «... Кече кечкурун Йемендеги мыйзамдуулукту колдоп-кубаттаган коалиция Адан шаарындагы бардык аскерий уюмдарды жана мекемелерди, Түштүк өткөөл кеңешминин күчтөрүн жана ал жерди көзөмөлдөп жаткан «Коопсуздук куру» күчтөрүн тезинен өз жайларына кайтууга, акыркы күндөрдө басып алган жайлардан чыгып кетүүгө, жеке жана эл мүлкүнө кол салбоого чакырды. О.э. коалиция өткөн түнү саат 01:00ден баштап Йемендын убактылуу борбору Аданда ок атууну токтотууга чакырды, коалиция күчтөрү бул чакырыкка каршы чыккан ар кандай тарапка аскерий күч колдонорун баса белгиледи. Мөөнөт башталгандан бир нече мүнөт өтүп, Түштүк өткөөл кеңеши ок атууну токтотууга макул экенин жарыялады жана Рияз чакырыгына жогору баа берди». (Шаркул Авсат, 2019-жыл, 11-август). Ага карабастан, «Кеңеш төрагасынын орун басары Ханий Али Бурайк Твиттер аркылуу кеңеш коалицияга моюн сунууну улантарын, бирок, мындай коркунуч астында сүйлөшүү болбошу керектигин баса белгиледи. Араб коалициясындагы бир расмий булак убактылуу өкмөттүн ок атууну токтотуу жөнүндөгү билдирүүнү «жакшы» деп баалады, бирок, курал

жардамында көзөмөлдөнүп жаткан жайлардан чыгып кетүү зарылдыгын эсепке алганда, бул чакырык жетиштүү эмес, деди. Ага ылайык, «Өткөөл өкмөт күчтөрү чыгып кетип, өз объекттерине кайтары менен Йеменде тараптар ортосунда жолугушуу болушун маалымдады». (Индепендент, 2019-жыл, 11-август).

б) Коалиция жарыясын ишеничтүү жарыяга айлантуу үчүн, объекттердин бири бутага алынды: «Йемен борбору Адандагы мыйзамдуу өкмөткө каршы сепаратист күчтөр коркунуч эсептеген аймактардын бири бутага алынды. Коалиция бул мындай иште биринчи ирет ишке ашырылган амалият экенин, ок атууну токтотуу жөнүндөгү билдирүүгө амал кылынбаган абал жүз берсе, бул бутага алуу дагы уланышын, себеби, билдирүүдө баш ийбегендерге күч колдонулушу менен эскертилгенин баса белгиледи». (Арабия, 2019-жыл, 11-август).

в) Араб мамлекеттери коалициясындагы расмий булак билдиришинче, Түштүк өткөөл кеңеши аларга караштуу объекттердин бири коалиция тарабынан бутага алынгандан кийин Адандагы көзөмөлдөп жаткан айрым региондордон чыгып кете баштаган.

**Төртүнчү:**

Эми, эмне болору жөнүндөгү божомолго келсек, эки нерсенин бири болушу мүмкүн:

Биринчи божомол: эки тарапты сүйлөшүүгө чакырган Саудия Зубайдийди жана анын кеңешин – кудум Хадий жана анын өкмөтүн кылгандай – көзөмөлгө алууга аракет кылат. Бирок, бул оңой иш эмес. Себеби, Британия Хадий Саудиянын көзөмөлүнө түшүп калгандыктан ушул кеңешти түзгөн, ошондуктан, Хадий маселесинде кулаган орго кайра кулоо жүз берилишине жол бербейт. Көбүрөөк божомол, Саудия Зубайдийге жана кеңешине карата алдап тузакка түшүрүү саясатын колдонот т.а. өкмөттө кеңири укуктарды берүү, Хадий өкмөтүнө кошулуу менен алдайт, Хадийдин укуктары Зубайдийдин укуктарына караганла аз болот, Зубайдий болсо,

абройду сактап калуучу катары өкмөткө премьер-министр болуп калат, Зубайдий эгер буга ыраазы болбосо, ага каршы аскерий чабуулдар кылуу менен коркутат. Король Салмандын 2019-жылы 12-августта Абу Даби канзадасы менен жолугушуусу да, иштерди мурдагы абалына кайтаруу максат кылынган болушу мүмкүн. Себеби, Саудия Зубайдий жетектеген Өткөөл Кеңештин артында Амирликтер турганын жакшы билет.

Экинчи божомол: эгер Өткөөл Кеңеш макул болбосо, кийин Саудиянын аракеттери ийгиликсиздикке учураса, Британия Йемен ишине түздөн-түз аралашат... АКШ менен сүйлөшүү өткөрүп, Өткөөл кеңешти Хусийлер менен сүйлөшүүгө үндөөнү, ушул аркылуу Хусийлерге өкмөттөн абройлуу үлүш берилишин Америкага убада кылат. Хусийлердин саясий бөлүмүнүн мүчөсү Мухамад Бухайлинин өзүнүн Фейсбук баракчасында тараткан чакырыгы да кокустук эмес. Өткөөл кеңеш Аданды ээлеши артынан жана Саудия тараптарды сүйлөшүүгө чакырышы менен бир убакта билдирилген анын чакырыгында мындай делет: «Биз бардык саясий уюмдарды, өзгөчө, Ансаруллах, Конгресс партиясы, Ислах партиясы, Өткөөл кеңеш сыяктуу башка уюмдарды Йемен согушуна чекит коюу үчүн сүйлөшүү столуна отурууга, баарын өзүндө камтуучу жаңы Өткөөл өкмөттү түзүп, кийин келишим долбооруна келишип алууга чакырабыз».

Ошентип, мына ушундай бир чечимге чөйрө даяр көрүнөт. Себеби, Америка Швеция сүйлөшүүлөрү алдынан ачыктаган билдирүүлөрүнөн көрүнүп тургандай, Йемен маселесине чекит коюуну каалоодо. Саудия да Йемен баткагынан чыгууну каалап жатат. Британия болсо, Саудияга итаат кылбай, өзүнүн буйругу боюнча аракет кыла турган адамды колго киргизди жана ушул себептүү да сүйлөшүүлөргө ыраазы болуп жатат, иштери мурдагы Хадий туткун болуп калгандай уланышын каалабай жатат. Качан АКШ менен Британия биргеликте чечимге келишишсе гана, аны Хусийлер, Өткөөл кеңеш жана Саудия сыяктуу малайлары аткарышат. Бирок, капиталисттердин ар кандай чечим алдында эксплуатация, алардын канында болгон

утилитаризм-кызыкчылык назариялары тоскоолдук болот. АКШнын да, Британиянын да баштапкы вазыйпалары мына ушул ортоктош чечим эмес. Балким, экөөсүн бул чечимден мурда кызыктыра турган маанилүү нерсе – ушул чечим өз кызыкчылыктарына ылайык келиши. Ушул себептүү, өз ара сүйлөшүүлөрү созулуп кетүүдө... Хусийлер, Хадий жана кеңеш болсо, күтүп жатышат!

**Бешинчи:**

Бирок, маселенин биз үчүн кайгылуу тарабы Йемен калкы маселеси. Эгер, алар Аллах Субханахуга калыс жана Расулу ﷺга садык турушса, өз маселелерин өздөрү чечүүгө кудуреттүү. Жетишет, качанга чейин проблемаларынын чечимин душмандарга тапшырып коюшат?! Бул кафир колонизаторлор Йемен маселесин мусулмандардын каны аркылуу чечүү жолдорун издеп жатышат, кийин төгүшкөн ушул кандарды кечип жүрүп, өз кызыкчылыктарына ылайык чечимди тандап жатышат. Алардын мусулмамн өлкөлөрүндөгү малай акимдери жана тарапкерлери да караңгылык баткагына дагы да батышууда. Болуп жаткан бул сыяктуу окуялар кудум мусулмандар өлкөлөрүндө эместей, бүтүндөй башка мамлекеттерде болуп жаткандай! Бул акимдердин биздин маселелерибизди кафир колонизаторлордун колуна тапшыруулары ушундай бир чоң күнөө болуп, аны кылган кимселерди бул дүйнөдө кордук, ахиретте катуу азап күтөт.

﴿سَيُصِيبُ الَّذِينَ أَجْرَمُوا صَغَارٌ عِنْدَ اللَّهِ وَعَذَابٌ شَدِيدٌ بِمَا كَانُوا يَمْكُرُونَ﴾

***«Жакында мындай кылмышкерлерге жасап өткөн айла-амалардары себептүү Аллах алдынан кордук жана катуу азап жетет»*** [6:124]

**12-зул-хижжа, 1440-х.**

**13-август, 2016-м.**

## Йемендеги «Түштүк» кыймылы жанан анын көз карандылыгы

**Суроо:**

*«Түштүк» кыймылы дагы деле Америкачыл болуп саналабы? Же Бириккен Араб Эмираты аны колго алып койгондугу себептүү, жумушчулар кеңеши британчыл Эмиратты ээрчий турган болуп калдыбы? Эмират аймакта Британиянын позициясын чагылдырат. Башкача айтканда, Америка «Түштүк» кыймылын көзөмөлгө алууда ийгиликсиздикке учурап, Британия Эмират аркылуу «Түштүк» кыймылын өзүнө тартып алдыбы? Же ал өз иштеринде дагы эле Америкага ээрчийби? Же «Түштүк» кыймылы Британияга ыктабаса дагы, Эмират Адендеги аскеринин күчтүүлүгү себептүү «Түштүк» кыймылына таасир өткөрүп жатабы?*

**Жооп:**

1 – Америка Саалим Баяз менен Насир Мухаммадды токсонунчу жылдардын башында Саудия, Миср аркылуу түздөн-түз же кыйыр түрдө өз тарабына азгыра алды. Буга Британия кыжаалат болду. Негизи, Британия өз малайлары аркылуу «Йемендын түштүгүндө улуттук боштондук фронту» аталышындагы кыймыл түзгөн. 1967-жылдын 20-ноябрында ал кыймылды Женевага сүйлөшүүгө чакырды. Ошондон кийин 30-ноябрда Йемендын түштүгүнө эгемендик берди. Британия куралдуу күчтөрү чыгарылып кеткенден кийин Британиянын колдоосу менен Йемендын түштүгүнө Баяз аким болуп калды. Ал Америка менен бирге жүрө баштагандыгын Британия карасантайлык катары карады. Ошондуктан, аны бийликтен алды. Британиянын буга мүмкүнчүлүгү бар эле. Ал Йемендын түндүгүндө күчтүү таасирге ээ болгон Салих малайы бар экендигин эсепке алып ушундай кадамга барды... Мына ушундайча 1994-жылы Йемендын ичинде эки жаат болгон жарандык согуш тутанды. Йемендын түндүк-түштүгүн бириктиргенче төрт жыл убакыт өттү. «Түштүк» аскерлери аталышында куралдуу күчтөрдүн жеңилиши менен согуш аягына чыкты. Саалим Баяз качып кетти. Ошондой эле Мухаммад Насир да бир азга унутулду. Кийин Салих Санадагы өкмөтү менен түштүктө аскерийлерди куугунтуктоого алды. Мындай куугунтук бир топ жылга созулду. Түштүктөгү эс алуудагы аскерий жамаатын да

куугунтуктоону күчөттү. Анткени, эс алуудагы аскерийлер жамааты куугунтуктоо, репрессия кылуу иштерин айыптап, акы-укуктарын талап кыла башташкан. Ушундай зулум өткөрүүнүн натыйжасында эс алуудагы аскерийлер ассамблеясынын арасына бөлүнүү пикири жылжып кире баштады. Бул сепаратисттик пикир бөлүнүп чыгууну жактагандарды бириктирип, бир кыймылга айланта турган өзөк болуп калды. Ал кыймыл бүгүнкү күнү «Түштүк» кыймылы деген ат менен таанымал. Алар расмий түрдө 2007-жылы өздөрүн жарыя кылышты. Бул жерде буга окшогон дагы көптөгөн кыймылдар бар. Алардын кыймылдары көзгө көрүнүктүү болбогондуктан аларга токтолбойбуз.

2 – Америка Йемендын түштүгүндө таасирге ээ болуп калуу үчүн бул кырдаалдан пайдаланды. Ошондой эле Америка Йемендын түндүгүндө да Ирандын колдоосу менен хувсийлер аркылуу таасирге ээ болуп алды. Эл аралык күрөш алкагында Йемендеги «Түштүк» кыймылы Йемен бийлиги ишке ашырып жаткан зулумдукту токтотуусун талап кыла баштады. Бул нерсе Американын Йемендеги британчыл өкмөтүнүн ички иштерине кийлигишүү чечимине май тамызды. Ири колонизатор өлкөлөр майда барат өлкөлөрдөгү туруксуз кырдаалды пайдаланып, ал жерде өз таасирлерин өткөрүп алууну адатка айланткан. Америка токсонунчу жылдары Фахидиндин учурунда Саудия чалгын кызматын пайдалануу аркылуу, Йемендын түштүгүндөгү аскерийлер менен колун чыңдоого аракет кылды. Башкача айтканда, 1994-жылы жарандык согуш аягына чыккандан кийин, Саалим Баяз Америкага ыктагандардан эле. Бирок, Саалихтин өкмөтүнө каршы согуш алып барууга болгон жалгыз Салимдин чакырыгын Америка ийгиликке жеткире албайт деп карады. Ошондуктан, Америка Салихтин өкмөтүнө таасир өткөрүп, түштүктү бириктирүүгө кудуреттүү жана саясий иштерди күчтүү алып бара турган адамды издей баштады. Америка бул ишке ылайыктуу катары, оппозициялык иштерди активдүү алып барып жаткан Хасан Баумду ылайыктуу деп тапты. Ал Йемендын түштүгүн өзүнчө бөлүү

тууралуу иштерди катуу алып барып жаткан. Ал бир шаардан бир шаарга өтүп, уруу урууларды кыдырып өзүнчө бөлүнүүнү колдоп чыгууларына чакырык салып жатты. Баумдун бул аракеттеринин баары Йемендын түштүгү кыйынчылык тартып, социалдык, саясий туруксуздук жүз берип жаткан учурда жүргүзүлүп жатты. Баум Йемендын түштүгүн өзүнчө бөлүп алууну колдой турган коомдук пикир жаратуу үчүн катуу урунду. Ал күч колдонууну четке кагып, тынч жол аркылуу ишке ашырууга чакырык салды. Баумдун сепаратисттик аракети, туруксуздук системалуу саясат деген пикир сиңип калган Йемендын түштүк аймактарында кээде күчөп, кээде жаңырып турду. Кийин Сана бийлиги тараптан камоолор, куугунтуктоолор башталды. Баум 2007-2008-жылдары бир нече жолу камалып чыкты. Кийин 2010-жылы кайрадан камалды. 2011-жылы кайра чыкты. Ошол эле жылы кайра камалды. Мына ушундайча Баумдун түштүктү бөлүп алуу аракети көзгө көрүнөөрлүк кыймылга айланды. Ал Санадагы борбордук бийликке каршы активисттерди, урууларды, эс алуудагы аскерийлерди өзүнө тарта алды. Сепаратисттик пикирди дагы тереңдештирди. Америка менен байланышы жана Ирандан колдоо алып туруусу анын аракеттеринин тездешине шарт жаратты. Баум Йемендын түштүгүндө жогорку мажлисти түздү жана анын төрөгасы да болуп шайланды. «Тынчтык жолу аркылуу Түштүктү көз карандысыз кылуу кыймылдарынын башында турган жогорку мажлиске – түштүк көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн «Жогорку улуттук органы», «Жогорку улуттук мажлис», «Түштүк демократиялык биримдиги», «Түштүк жаштар жана студенттер биримдиги» кошулушту. Сепаратисттик кыймылдын очогу Дали аймагы болуп калды». («Аль жазиира нет», 2011.03.03.) Бул аймакта Баумду ачыктан ачык Ирандын адамы катары сыпаттаган сайттар да бар. Мисалы, 2016-жылдын 13-сентябрда «Аден» сайтында да айтылган. Мына ушундайча мурдатан эле Америкадан колдоо алып келген жана туруксуздукту камсыздап келген Баумдун жетекчилиги астындагы «Түштүк» кыймылы Американын Йеменга түштүк аркылуу кирип келе турган жолу

болуп калды. Баум Мукаладан болгонуна карабастан, туруксуздукту пайда кылуу жана сепаратисттик аракеттерди кылуу чордону Дали аймагы болду. Ушул аракеттердин бардыгы бул кыймылдын жамаатын саясий иштерге даярдап, көндүрүп баруу үчүн кылынды. Санадагы бийлик оболу бул кыймылды кооптуу катары санаган жок. Анткени, ал саясий иш аракет аркылуу гана аракеттенип жаткан. Ошондуктан, камоолорго алуу менен гана чектелди. Алардын көрүнүктүүлөрү Хасан Баум, Ахмад бин Фарид, Али Гориб, Али Мансурлар болушуп, аларды бир азга камап кайра коё беришти.

3 – Йемен Түштүгүндөгү сепаратисттик пикирди колдоп кубаттаган америкачыл кыймылдарга сепаратисттик пикир идеология катары болуп калды. Ага бекем жабышып алышты. Ал эми, кээде сепаратисттик кыймылдардын аракеттерине кошулуп, кээде сырттан караган жергиликтүү активисттер жана Британия таасири астындагылар үчүн сепаратисттик пикир идеология сыяктуу болгон жок. Сана бийлиги америкачыл кыймылдар алга сүрөп жаткан сепаратисттик пикирди зыянсыздандырууда ушулардан пайдаланууга аракет кыла баштады. Ушул максатта кээ бир адамдарын алардын арасына киргизди. Биз айтып өткөнүбүздөй, Сана бийлиги булардан коркунуч күткөн эмес. Бирок, Британия артында турган Санадагы Салихтин бийлиги бул кыймылдар көзгө көрүнөөрлүк аракеттерге өткөндөн кийин кооптоно баштады. Айрыкча, бул кыймылдардын башында америкачыл адамдар тургандыгы кооптонууну дагы күчөттү. Ошондуктан, Сана бийлиги, анын артында турган Британия жана жергиликтүү активисттер бул кыймылдардын аракеттерин көзөмөлгө алуу үчүн алар менен тыгыз иш алып барууга өттү. Өзгөчө бул кыймылдар түштүктө туруксуздуктарды келтирип чыгаргандыктан, ал жердеги ырбаган жараны сакайтуу кыйынчылыкты туудуруп жатканда башка арга жок эле. «Британия» токтотуу планы түштүк кыймылынын өнүгүшүнө жараша өнүгүп жатат. Бул кыймылдын иш аракеттерин токтотууга болгон аракет камоолордон да нары өтүп күч колдонуу өңүтүн ала баштады... БАЭ Араб

коалициясында экендигин бетке кармап кургактыктан аскерлерин киргизди. Кийин Салих өлтүрүлгөндөн кийин Британиянын Йемендын түндүгүндө таасири алсыздай түштү. Британия Хувсийлер Йемендын түндүгүндө таасирин жаюуда ийгиликке жетишинен коркту. Ошондуктан, ал эгер күчү жетпей бара жатса Йемен өкмөтүндө өз таасирин сактап калууда кысым катары колдоно турган күч пайда кылуу үчүн, түштүктө өз таасирин бекемдөө жаатында олуттуу пикирлей баштады. Анткени, анын таасири түштүктө аз. Ошондуктан, ал түштүктө таасирин кеңейтүү жаатында олутту аракетке өттү. Ал жерде Хадиге таянбады. Анткени ага Саудия басым кыла алмак. Мына ушундайча, Британия Йемен маселесинде Эмират аркылуу ишин жүзөгө чыгара баштады. Буга кошумча 2017-жылдын 4-декабрында Хувсийлер тарабынан өлтүрүлгөн Салихтин куралдуу күчтөрү да түштүккө кайтып келип, хувсийлер менен согушуу максатында Эмираттын куралдуу күчтөрү менен бир сапка турду. Йемен өкмөтүнүн булагы, «Салихтин агасынын баласы Тоорик Салих Эмираттын куралдуу күчтөрүнүн коргоосу астында Аденде экендигин билдирди». Дипломатиялык булактар, «Келечекте саясий маанилүү роль ойной алат деген максатта Али Салихтин баласы Али Ахмадга карата коюлган санкцияларды алдыруу жаатында үлкөн күч жумшап жаткандыгын билдиришти». («Times Йемен» сайты, 2018.02.05). Түштүктүн көчмө аскерлер мажлисинин жетекчиси Идроса Зубайди мындай деди: «Биз Сананы толук бошотмоюнча түндүктө да, бүткүл өлкө боюнча да Тоорик Салихтин сабында туруп аны колдойбуз». («Франс 24», 2018.01.30). Бул Британия Йемен куралдуу күчтөрүндөгү, конгресс партиясындагы Али Салихтин туугандарынан турган малайлары аркылуу түштүктө таасирин кеңейтип, оюн ойноп жаткандыгын билдирет. Сепаратисттердин куралдуу күчтөрү Эмират тарабынан колдоого алынып жатат. Маалым болгондой, Эмират абадан да, кургактыктан да согушка катышып жатат. Ал эми, Саудия болсо абадан гана согушка катышып жатат.

4 – Мына ушундайча Британия Йемендын түштүгүндөгү америкачыл «Түштүк» кыймылынын иш аракетин изинен чыгаруу жана майданга жаңы кыймыл пайда кылуу үчүн Эмират аркылуу иш аракетин баштады... Эмират Саалим Баяздын канатында туруп ишти баштады. Британия Америка Саалим Баязды, Насирди канчалык деңгээлде колдоого аларын жакшы билет. Америка аларды Иран аркылуу катуу колдоого алды. Ошондой эле, Миср аркылуу да колдоого алды. Мисалы, 2014-жылы Абду Насир баштаган «Түштүк» кыймылынын делегаты Каирге жолугушуу өткөрүүгө келди. Ливан аркылуу да колдоого алды. Бейрут Саалим Баязга 1994-жылы качкын болуп баргандан кийин куржалак калган маалымат майданын түзүп берди. Кийин Саудия 2014-жылы «Чечкиндүү бороон» аскерий операциясын баштады. Саалим ири суммадагы акча сарптап жаткан Эр-Рияд тарапка өтүп барды... Ушулардын баарына (Американын ушунчалык колдоосуна) карабастан, жогоруда айтып өткөнүбүздөй Эмират Саалим менен Насир канатына таасир өткөрүү ишинен баштады... Эмираттын кандай негизде Саалимдин канаты аркылуу таасир өткөрүп жатканы эки себепке барып такалат. Биринчиси, Саалим күч колдонууну тандады. Экинчиси, Саалимдин мурунку иштеринде, улуттук фронт түзүп, кийин аны Түштүк өкмөтүнө өткөрүп берүүсүнүн артында Британия турган. Британия Саалимге ошол маалды эсине салууну каалады жана ага сылык сыпаалык кылып жакындоону пландады. 2015-жылы Араб коалициясы аскерий операция баштагандан кийин аны Саудиядан Эмиратка алып өтүштү. Азыр да ал Абу Дабиде турат. Баяз Америка малайы болгон Ливанда Ирандын Хизбулла жамаатынын коргоосунда 2012-2013-жылдары турду. Кийин Саудияга өттү. Андан соң араб коалициясы деген шылтоо аркылуу Эмират менен коюн колтук алыша баштады жана ал жакка өттү. Жогоруда айтып өткөнүбүздөй, ал азыр сый урмат менен Абу Дабиде жашайт. Маалым болгондой, Саалим Баяз өзгөрүүчөн. Ал токсонунчу жылдардын башында Йемен түштүгүнүн жетекчиси болуп турганда Британияга малайлык кылып келген. Кийин

Америкага азгырылып ага кызмат кылууга өттү жана ошол кызмат кылуусун улантып жаткан. Ал Америкага малай мамлекеттердин биринен сала экинчисине өтүп турду. Кийин болсо Эмиратка өтүп алды. Эмират аны өздөрү тарапка тартууга аракет кылып жатат. Ал өз позициясын кайрадан өзгөртүп жибериши чындыктан алыс эмес. Эгер, өзгөрө турган болсо, аны менен Эмират ортосунда чыңалуу жүз берет. Анын позициясы көбүрөөк өткөөл кеңешинин позициясына жакыныраак. Ал өткөөл кеңешине карата мындай деди: «Йемендын мурунку президентинин орун басары «Түштүк саясий чөйрөсүн» түзүү чакырыгын колдоорун билдирди. Саалимдин мындай колдоосу чыккандан бир күн өтпөй түштүктүн провинциялары болгон Аден, Эйдрос, Зубаиди губернаторлору саясий чөйрө түзүүгө чакырык салышты. «Арабий жадид» маалымат агенттиги Баяздын бул чакырыкты «бүткүл аракети менен колдоорун» билдирген кайрылуусун басып чыкты. Ал түштүктөгү ар түрдүү кыймылдарды жаңы жагдайларды күтүп отура бербестен, бул чакырыкка жооп берүүгө чакырды. Саалимдин бул билдирүүсүнөн кийин Абяндын губернатору Хазар Сагдий, Хажждын губернатору Насир Хабажий, Далинин губернатору Фазл Жагдийлер Аден, Эйдрос, Зубаидинин «түштүк өлкөсүн түзүү» чакырыгына кошулушту». («Ал арабий жадид», 2016.09.16). Салимге окшоп Насир Мухаммад да бирде бөлүнүп чыгууну колдосо, бирде Йемендын бирдиктүү өкмөтү болушун колдойт. Бирок, өзү ылайык көргөн шарттардын негизинде! 2017-жылдын 4-октябрында ал Йемен маселесинин чечими тууралу суроого жооп берип жатып, 2017-жылдын аягында Али Салих Хувсийлерге каршы курбандык чалына электен мурда мындай деди: «Бирдиктүү улуттук өкмөт түзүү – мезгил шарттарынан. Эки тараптын «хувсийлер менен Хади өкмөтүнүн» согушуусуна себеп болгон негизги элементтерди өткөөл мезгил учурунда кайсы макам деңгээлинде болбосун зыянсыздандыруу керек. Тараптардын, партиялардын курал жарактары алынып, коргоо министрлигине өткөрүп берилиши керек. Анткени, Йемен бирдиктүү президентке, бийликке, өкмөткө

жана бирдиктүү коргоо министрине муктаж. Кийинки баскычта шайлоолор аркылуу иш кылууга өтүү зарыл». («Ал ахраам арабий», 2017.10.04). Ушундан көрүнүп тургандай, Британия Эмират аркылуу Саалим Баяз менен Насир Мухаммад канаты аркылуу таасир өткөрүүдө ийгиликке жетише баштады. Алар түштүк кыймылына сиңип калган сепаратисттик пикирди идеология катары туу тутушпады. Тескерисинче, кырдаалга жараша иш алып барууга өтүштү.

5 – Ал эми, Хасан Баумдун канатына келсек, ага сепаратисттик пикир сиңип калган жана аны саясий жол менен ишке ашырууга бекем жабышып алган. Британия аны азгыруу, же ыраазы кылуу, же ага көзөмөл кылуудан майнап чыкпасын түшүндү. Аны Оманда эч кандай расмий айыптоо жок эле үй камагына алуу аркылуу коркутууга аракет кылышты. Анткени, ал Оманга баш калка сурап барган. Оман Баумга Британия сызып берген роль менен жүрөөрүн билдирбөө максатында бейтарап көз караштa болгондой түр жараткан. Британия Омандагы адамдары аркылуу Хасан Баумга кысым кылды. Аны Омандын Салала калаасында узак убакыт үй камагында кармады... Американын Йемендин түштүгүндөгү «Түштүк» кыймылындагы биринчи адамы мынча көп убакытка көздөн кайым болушу Америка колдоп жаткан «Түштүк» кыймылынын иш-аракеттерин солгундатты. Британия бул ыңгайлуу учурдан пайдаланып, Эмиратты колдонду. Хасан Баумдун аракетине тең келе турган кыймылды түштүктө пайда кылууга жан үрөй баштады. Алар бул ишти жүзөгө ашыра турган адам катары Эйдрос Зубайдини ылайыктуу деп табышты. Ал түштүк кыймылындагы белгилүү жетекчилерден. Ал 1996-жылы өз тагдырын өзү белгилеген «чечкиндүүлүк» сепаратисттик кыймылын негиздеген. Британчыл жамааттарга жакын болгондуктан, Хаади аны 2015-жылдын 7-декабрында Аден провинциясына жетекчи кылып дайындаган. Бул дайындоо 2015-жылдын мартында башталган Саудиянын «Чечкиндүү бороон» аталышындагы аскерий операциясы башталгандан кийин жүз берди. Бул

дайындоо аркылуу Британия өз малайына ишеним артаарына күчтүү ишара кылды. Зубайди Аденде күчтүү кадыр баркка ээ. Ал бул провинция үчүн ийгилик жараткан жаратман губернатор катары саналат. Ал бул провинциядан куралдуу жамааттарды кууп чыгып, Хувсийлер менен согуш алып барды жана электр энергиясын калыбына келтирди. БУУдагы Американын атайын ыйгарым укуктуу өкүлү Валаду Шейхтин сунуштарына каршы чыкты. Ушунун баары Эмираттын Зубайдини ачык түрдө аскерий да акчалай да колдоосу аркылуу болду. Ал 1994-жылдагы жарандык согушта сепаратисттик кыймылдын бирден бир жетекчилеринен болгон. 1994-жылы Жибутиге куулгангандан баштап Сананын президенти Али Салих бийлигинин аңдууларына кабылган. Анткени, ал түштүк кыймылынын очогу болгон Далиден болгон. Ал Адендин ийгиликтүү губернатору, хувсийлерге каршы согуш алып бааруусу менен бирге түштүктөгү «Түштүк» кыймылына Хасан Баумга тең келе турган саясий жетекчи катары да тааныла баштаган... Аскерий жактан Зубайди «Түштүк куру» куралдуу кыймылын негиздеген Али Хани Брикке таянат. «Али Хани түштүктөгү Эмираттын адамы катары саналат. Али Хани Брик Хувсийлерге каршы согушуучу күч катары майданга чыкты. Кийин Эмират күчтөрү тарабынан дайындалган министр катары саясий майданга чыкты. Анын мындай ташынын өйдө кулашы Абу Дабиден марттык менен алып жаткан жардамы аркылуу болду. Ал кийин «Коопсуздук куру» аталышындагы куралдуу күчтү түздү. Бул куралдуу күч түздөн-түз Эмират тарабынан колдоого алынды». («Politicians Post», 2017.11.02). Мына ушундайча Али Хани Брик менен Зубайдинин туштүктө таасири артты. Бирок, ал экөө тең Хадинин өкмөттүк курамында болушту. Хади болсо ачык түрдө британчыл адам. Алардын өкмөт курамында болушу «Түштүк» кыймылына чакырык салууларына көлөкө түшүрмөк. Ошондуктан, биринчи кадам аларды Хадинин өкмөттүк курамынан көзгө көрүнүктүү кылып чыгаруу болду. Айрыкча, Зубайди Хадинин куралдуу күчтөрү менен катуу келишпестиктерге барды. Бул окуялардын жүрүшүнөн кийин анын

айланасында жаңы түштүк кыймылын түзүү үчүн түштүктөгү күчтөр топтолушу керек болчу. Акыйкатта иш ушундайча уланууда...

6 – 2017-жылдын 27-апрелинде Йемендын президенти акыркы тергөө иштерине ылайык Адендин губернатору Зубайдини жана министир Хани бин Брикти кызматтан кетирүү тууралуу жарлыгын чыгарды. Аден шаарында миңдеген Йемендыктар Хаадинин жарлыгына каршылык билдирип митингге чыгышты. Түштүк кыймылынын фракциясы 2017-жылдын 4-майында «Аден декларациясы» аттуу токтомун чыгарды. Ал токтомдо Зубайди өз максаттарын ишке ашырышы үчүн түштүктү башкара турган бир комитет түзүүсү жана аны өзү башкаруусу бекитилген. Буга кошумча, токтомдун пункттарын ишке ашыруу үчүн ага бардык ыйгарым укуктардын берилүүсү да каралган... «Түштүк» кыймылы түштүктү башкара турган бир саясий комитет түзүү ыйгарым укугун Зубайдиге ыраа көрүп берди. Бир жумадан соң Зубайди 11-майда Аден шаарында «түштүк өткөөл кеңешин» жетектей тургандыгын жана орун басарлыкка Хани бин Брикти дайындагандыгын жар салды. Буга кошумча, анын 26 мүчөсү боло тургандыгын да билдирди. Ал Хасан Баумга ишара катары Түштүк Йемендын мурунку желегин жанына коюп, теле каналдан кайрылуу жасады. Зубайди «Адендин тарыхый декларациясына ылайык Түштүк саясий жетекчилигин түзүү аягына чыгып, ал «Түштүк өткөөл башкы кеңеши» деп аталат. Хани бин Брик бул башкы кеңештин орун басарлыгына дайындалат жана анын 26 мүчөсү болот. Бул «Түштүк башкы өткөөл кеңеши» башка түштүк кеңештерин негиздөөгө жана түштүктүн ички сырткы саясий жетекчилигин алып барат» деп билдирди». («CNN Arabic», 2017.05.11). Мына ушундай жол менен Зубайди, Хани бин Брик жана алардын артында турган Эмират менен Британия Йемендын түштүгүндөгү саясий жетекчиликти негиздөө үчүн ыйгарым укуктарга толук ээ болуп калышты. Провинциялардын губернаторлору Йемендын президенти тарабынан дайындалат. Башкача айтканда, алар да Британия таасириндеги адамдардын чөйрөсүнө кирет. Ошондой эле өткөөл кеңештин башка

мүчөлөрү да Зубайдини колдогондор. Зубайди Баумдун кээ бир кишилерин, мисалы, Али Сагдий, Насир Хабжий сыяктуу көзгө басарларын өз кеңешине тартты. Эгер, акыйкат ачыкка чыгып кетсе, булар кеңешмеден чыгышат же чыгарылышат. Бул өткөөл кеңешме аларды жакындаштыруучу жол болуп калды. Насир Хабжий Баум «көздөн кайым» болгон учурда Зубайдинин колдоочуларынан болуп калган. Түштүктө мындай бийлик күчүнө ээлик кылуу Адендеги Зубайди башында турган өткөөл кеңештин демине дем кошту. Ири көлөмдөгү аскерий кубатка да ээлик кылып калды. Буга кошумча, түштүктүн башка провинциясында Хани бин Брик жетектекчилиги астында да күчтөр бар. Бул күчтөр Маърибде да бар. Провинциялардын губернаторлору Зубайдинин жетекчилиги астына топтоло баштады. Ошондой эле мурунку «түштүк мамлекетиндеги» социалисттердин адамдары да тартыла баштады. Мисалы, Саалим Баяз мурдатан эле Зубайдини колдоорун жар салган. Тоорик Фазлий жана анын исламий мүнөздөгү кыймылы да буга кошулду. Ошондой эле анын Абьяндагы уруулук кадыр баркы күчтүү. Эмираттын аскерий, акчалай жана саясий жактан Зубайдини колдоого алуусу менен Британия түштүк маселесин малайы Зубайди аркылуу чечүүгө катуу белсенди. Эгер саясий кырдаал азыркыдай улана берсе, айрыкча Эмираттын тараза ташы түштүктө оор болуп турганда Зубайдинин бул салтанаты улана берет.

7 – Америка кечигип калгандыгына көзү жетти. Ошондуктан, ал кыжаалаттыгын көргөзө баштады. Америка Түштүк өткөөл кеңешинин түзүлүшүнө каршылык иретинде БУУдагы ыйгарым укуктуу өкүлү Валаду Шейх аркылуу кат жолдоду. БУУдагы ыйгарым укуктуу өкүл Исмаил Валаду Шейх Аден провинциясынын губернатору Зубайдинин Түштүк өткөөл кеңешин түзгөндүгүнө каршы «ачык опузага» ала турган кат жолдоду. Булактын билдиришинче: «Йемен өкмөтү, Булуң кызматташтык кеңеши, Хувсий жамааты жана түштүктүн ичиндеги көптөгөн кыймылдар тарабынан четке кагылып жаткан Зубайди өзү жарыялаган Түштүк өткөөл кеңешинин

ишин улантуусунан кайтаруу максатында ачык коркутууга алган катты жолдоонун аркасынан Валаду Шейх Зубайдиге жолукту. Эгер Зубайди өткөөл кеңешинин ишин алып барууну уланта турган болсо БУУ, Эл аралык коргоо кеңеши аны Йемендеги тынчтык жараянынын ишке ашуусуна тоскоолдук жаратуучулардын катарына кошоорун жана 7-бөлүмдөгү 2216-токтомун ишке ашуусун эскертти. Ошондой эле ага карата «бунт чыгаруучулар» катары Хувсийлер менен Салих сыяктуу мамиле кылынары менен да опузага алды». («Россия сегодня», 2017.05.14). Америка иштин жагдайын түшүндү. Баумду бошотушу үчүн Оманга кысым кылды. Баум бошоп чыккандан кийин Йемендеги Британия-Америка күрөшү алкагында Эмират колдоп жаткан «Түштүк өткөөл кеңешине» каршы катуу аракетке өттү. Баумдун бул аракети Саудия тараптан ачык айкын эле колдоого алынды. Алардын көз алдында козголоң кыймылынын жетекчилиги астында Аденде 600дөй тарапташтары катышкан конференция өткөрүлдү. Анда Йемендын түштүгүн Эмират басып алды деген айыптоолор айтылды... Конференциянын баяндамасында: «Түштүк элинин колдоосун козгоо максатында эмоциялуу жалган айтуулар менен аларга таасир өткөрүүгө аракет кылынды. Кийин алардын каалосуна каршы иш тутуп, Түштүк элинин кайраттуулугунан пайдалууну бүтүндөй четке какты. Козголоң кыймылынын төрөгасы Хасан Баум Түштүктөгү жетекчилердин эң көзгө көрүнүктүүсү экендигин баса белгилейбиз жана аны менен биз сыймыктанабыз... Бүгүнкү күндө түштүктө Араб Эмираты сыяктуу сырткы күчтөр кызуу жарышка түштү. Жүз берип жаткан күрөштөр, биздин түштүк элинин каражатына, байлыктарына ээлик кылуу үчүн алардын тагдырларын белгилөө болуп жатат. Алардын мындай кылышына жол берип жаткандар өзүбүздүн арабыздагы эле бир ууч адамдар. Алар Эмираттын берген ит жеминдей болгон жемге азгырылып Түштүк элинин тагдырын сатып жатышат...». («Аден год», 2017.08.17). Башкача айтканда, Баумдун жамааты Эмиратты ачык түрдө душман катары санады жана Йеменден чыгып кетүүсүн талап

кылышты. Ошондой эле Баумдун конференциясында Зубайдинин жамааты «Эмират берип жаткан ит жеминдей жемге азгырылып жаткан саткындар» катары бааланды. Кийин 2017-жылдын 11-ноябрында Баумдун жамааты экинчи ирет конференция өткөрдү. Бул конференциянын корутунду баяндамасында: «Араб коалициясы биздин жерибизден бардык куралдуу күчтөрүн чыгарып кеткенден кийин «козголоң кыймылы кеңеши» менен түздөн-түз сүйлөшүү отурумуна чакырабыз. Биздин ортобузду коомдук жана диний баалуулуктар байланыштырып тургандыгын баса белгилейбиз», - деп айтылды. Баум жетектеген кеңеш коалицияны «баскынчы мамлекеттер» катары баалап мындай деди: «Биз өз өлкөбүздүн кызыкчылыгына жараша баскынчы өлкөлөр менен бардык орун жана мезгилде ар түрдүү жолдор менен мамиле кылууга толук акылуубуз. Түштүктүн мыйзамдуу өкүлдөрүсүз кандай гана сүйлөшүү же чечим болбосун, ал эч качан ийгиликке жетпейт. Ошондуктан, мыйзамдуу өкүлдөр – бул кокустан пайда боло калгандар, же акча жасагандар, же сырткы баскынчы күчтөрдү алып киргендер эмес. Тескерисинче, түштүк кыймылын биринчи күндөн баштап жетектеп келгендер болуп саналат». («Арабий жадид», 2017.11.11.). Баяндамада араб коалициясы тууралуу айтылып жатса да негизги багыт Эмиратка каратылды. Анткени, конференция Саудия коргоосу менен өткөрүлдү!

8 – Корунтунду: 1994-жылы Али Насир менен Салим Баяз ийгиликсиздикке учурап, Салих түштүккө ээлик кылды. Ал жердеги аскерийлерди куугунтукка алып, түштүк элин туруксуздуктарга кептеди... Бул көрүнүш Түштүктө мындай абалга каршы күрөшүү үчүн түрдүү кыймылдардын негизделишине себеп болду. Алардын көрүнүктүүлөрү үчөө:

–Өзгөрүүчөн Саалим Баяздын канаты катары саналган «Түштүк кыймылы». Ал бирде Америкага кызмат кылса, бирде Британияга кызмат кылат.

–Хасан Баумдун канаты катары саналган «Түштүк кыймылы». Бул Америка тарабынан колдоо алат жана анын малайы. Айрыкча Ирандын малайы катары саналат.

–Зубайди канаты катары саналган «Түштүк кыймылы». Ал Британия тарабынан колдоого алынат жана анын малайы. Айрыкча, Эмираттын малайы катары таанылган.

Жогоруда Йемен маселеси тууралуу баяныбызда маалым болгондой... Биздин көйгөйлөрүбүздү, биздин арабыздагы бир ууч адамдардын ит жеминдей жемге азгырылып, баскынчы кафир мамлекеттердин кызыкчылыгына жараша чечип жаткандыктары өтө ачуу көрүнүш. Баскынчы кафир мамлекеттер жергиликтүү малайлары менен өз кызыкчылыгына жараша биздин канды төгүүдө. Бул жергиликтүү малайлар өздөрү эмне кылып жаткандыктарынын натыйжасы кай жакка алып бараарын унутушту. Эгер, алар эмне кылып жаткандыктарын түшүнүшкөндө көздөрүнөн жаш эмес кан акмак:

Улуу азиз Аллах мусулмандарды залим кафирге таянбоого катий түрдө буйруган:

﴿وَلَا تَرْكَنُوا إِلَى الَّذِينَ ظَلَمُوا فَتَمَسَّكُمُ النَّارُ وَمَا لَكُمْ مِنْ دُونِ اللهِ مِنْ أَوْلِيَاءَ ثُمَّ لاَ تُنْصَرُونَ﴾

***«Зулумдук жолун туткан адамдарга берилип кетпегиле. Антпесе силерге тозок оту жетет. Силерге Аллахтан бөлөк бир да дос жок. Кийин*** *(залимдерди ээрчип кетсеңер)* ***силерге жардам да берилбейт»*** [11:113]

Расулуллах ﷺ бейкүнөө кан төгүү бул Аллахтын алдында дүйнө жок болушунан да улуу нерсе экендигин билдирди. Абдуллах бин Амрдан риваят кылынат. Пайгамабар ﷺ айтты:

**«لَزَوَالُ الدُّنْيَا أَهْوَنُ عَلَى اللهِ مِنْ قَتْلِ رَجُلٍ مُسْلِمٍ»**

**«Аллахтын алдында мусулман адамдын өлтүрүлүшүнүнөн да дүйнө жок болуп кетиши жеңилирээк»**. Ибн Асаакир «Муъжам» китебинде муну хасан хадис деген. Анан кантип кафир кызыкчылыгы үчүн

бейкүнөө мусулмандардын канынын төгүлүүсү мүмкүн? Бул күнөөлөрдүн эң үстүңкүсү болуп саналат.

﴿سَيُصِيبُ الَّذِينَ أَجْرَمُوا صَغَارٌ عِنْدَ اللَّهِ وَعَذَابٌ شَدِيدٌ بِمَا كَانُوا يَمْكُرُونَ﴾

***«Жакында мындай кылмышкерлерге кылып өткөн айла амалдары себептүү Аллахтын алдынан кордук жана катуу азап жетет»*** [6:124]

Муну менен бирге Расулуллах ﷺ Йеменды ыйман жана хикмат жери деп сыпаттаган. Ал жер чынчыл, калыс ыймандуу адамдардан эч качан кол жуубастыгын айткан. Мына ушундай сыпаттагы адамдар гана баскынчы кафирлерге таянып жаткан адамдарга каршы турушат. Аллахтын жардамы менен Йеменды Ислам коргонуна кайтарат. Туура жолдогу Халифалыктын желеги астында өз улуулугуна жетиштирет. Пайгамбар ﷺ айткандай абалга кайтат. Абу Хурайрадан риваят кылынат. Пайгамбар ﷺ айтты:

**«Силерге Йемен калкы келет. Алардын жүрөктөрү жумшак, акыйкатка жакын жана мээримдүү. Йемендиктердей ыйман, Йемендыкиндей хикмат болсо».**

**8-жумадус-саний, 1439-х.**

**24-февраль, 2018-м.**

## Швед келишими жана анын Йемен кырдаалына тийгизген кесепети

**Суроо:**

*2018.12.18 “France 24” кабар агентинин маалыматында (БУУ ортомчулугу менен түзүлгөн тынчтык келишимине жетишилгенден бир аз өтпөй Йемендин Ходейда шаарында өкмөттүк күчтөр менен Хуситтердин ортосунда кагылышуу жүз берди) (France 24 2018.12.18). 2018.12.17 "Спутник араб" кабар агентигинин маалыматында: “Ансару Аллах жамаатынын делегаттарын бири, Швед келишими Ходейда портун берип койууну же Хуситтердин шаардан чыгып кетүүсүн камтыган эмес, деген билдирүү берди. Ага каршы жооп катары Йемен маалымат министри*

*Муаммар аль-Ириани: Мындай өңүттөгү билдирүү кол коюулуп сыясы кургай элек келишимге карата келишимдин өзүн жок кылууга барабар. Ошондой эле келишимде Хусит жикчилдеринин Ходейда, Салиф жана Рас Иссадан чыгып кетүүсү каралгандыгын баса белгиледи".*

*Суроо: Сыясы кургай элек келишимдин аткарылышында мындай кайчы пикирлердин орун алышы кандай? Келишимге жетишилгенден кийин эле кагылышуу жүз бергендигин кандай түшүнүүгө болот. Эгер мындай болсо анда Америка жана Британиянын келишимди колдогондору кандай болот? Бул келишим менен Йемендеги баш аламандыкка чек койулабы? Аллах ыраазы болсун.*

**Жооп:**

2018.12.06 башталып 2018.12.13 кол алышуу менен аяктаган Швед келишими темасына киришүүдөн мурда Йемендеги кырдаалга төмөнкүчө назар салып чыгуу зарыл.

Биринчиден: Хуситтер Йемендин борбор каласы Сананы ээлеп андан Хади өкмөтүн кууп Йемендин көп бөлүгүн ээлеп алышкандан кийин өздөрүнүн бийлигине "мыйзамдуулук" көрүнүшүн берүүгө муктаждык жаралды. Америка ал "мыйзамдуулукту" берүүгө аракет кыла баштады... Бирок бул жеңилге турган жок. Йемендеги саясий чөйрөнүн көпчүлүгү Британиячылдар болушкан. Ошондуктан Америка үмүтүн актай турган нерсе Хуситтерди Йемендеги саясий картанын бир бөлүгү катары да тан алдыруу болду. Хуситтер Йемендин түндүгүндө айрыкча Саьдада азчылыкты түзүшөт. Хусттерге карата жалпы коомдук пикир тарабынан колдоо жок эле. Ошондуктан Америка Хуситтер Йемендеги негизги күчтөрдүн бирине айланышы үчүн аны колдоого ала баштады. Башкача айтканда алар дайым өкмөт курамында болуп турушу үчүн аларды колдоого алды. Америка муну төмөнкү кадамдардын негизинде кылды:

1. Саудия "борондуу чечим" аскерий иш чарасы аркылуу абадан сокку уруу менен Хуситтерди жок кылуу үчүн эмес Йеменде ыңгайлуу кырдаал

жаратыш максатында Йемен маселесине аралаша баштады. Эгер жок кылууну максат кылса кургактык күчтөрүн киргизмек эле... Саудия бул иш аракети менен Хуситтерди Саудия согуштук тик учактарына каршы күрөшүп Йеменди коргоп жаткандай түр жаратты. Аларды зулум чегип жаткандай кылып ошол эле маалда алар Йеменди Саудия соккуларына каршы күрөшүп жаткан тарап катары Йемен коомчулугу алдына баатыр кылып көргөздү. Ошону менен алар жалпы коомдук пикир тарабынан колдоо таба баштышты.

2. Америка өз планын ишке ашыруу убагы качан талап кылынган учурда кысым өткөрүп туруу үчүн Йемендин мамбашы британиячыл Хадини Саудияда туткун катары кармады.

3. Коргоо кеңешине таасир өткөрүү үчүн өзүнө ыктаган өкүлдөрдү жиберди жана ал жаатта ийгилике жетишти. Жамал бин Умар жана Валаду Шейх америкачыл өкүлдөр эле...

Ал эми Британия Йемендеги таасир күчүн ондогон жылдар бою ээлеп келген. Түндүктөгү кыймылдар жана Түштүктөгү Хуситтер аркылуу Америка Йеменде Британия таасирин сүрүп чыгууга аракет кылып жатканын Британия аңдады. Хуситтердин Санага жана Йемендин башка аймактарын ээлеп алышы ошондой эле Иран тарабынан аскерий жактан колдоого алынышы себебтүү Британия өзүнүн Йемендеги таасири солкулдай баштаганын көрдү. Айрыкча Саудиянын кийлигишүүсүнөн кийин. Ошондуктан Британия Американын жана анын аймактагы малайларынын мындай пландарына каршы тез кыймылга келе баштады.

А. Йеменде америкачыл Саудиянын ролун тең салмакташ үчүн Британия Эмиратты ишке салды. Эмират иш жүзүндө Йемендин түштүгүндөгү аймактарды жана Адн шаарын Хуситтерден кайтарып алууда алгылыктуу рол жаратып берди. Эмираттын ролу аркылуу түштүк кыймылын пайда кылды жана түштүк кыймылдарындагы Америка малайларынын ролун нейтралдаштырып алардын таасирин экинчи даражага түшүрүп койду.

Б. Илгерки малайы Али Соолихти түндүктө Хуситтердин сабына киргизди. Эгер хуситтер кандайдыр бир таасирге ээ болуп кетишсе анда алардын арасында Британия таасири болуп калышы үчүн Соолих алардын сабында алардын бири катары рол ойной баштады. Хуситтер Соолихке кол салууларынан мурун өз ролун аткарууда ийгилик жарата баштаган.

Г. БУУга өзүнө ыктаган өкүл жөнөтүүгө аракет кылды. Аны ал иш жүзүнө ашырып Мартин Джонсонду БУУнун Йемен боюнча атайын өкүлү кылууга жетишти.

Экинчиден:

Британия хуситтерди бекемдеп жаткан нерсе Ирандын жардамы экендигин аңдады. Санадагы аэропортту жапкандан жана Түштүктөгү портторго көзөмөл орноткондон кийин Ирандын хуситтерге жардам бере турган көзөнөгү бул Ходейдадагы порт гана болуп калды. Ошондуктан Ходейдадагы портко көзөмөл кылышы үчүн Эмиратты ага бет алдырды. Ходейдадагы порт айланасында көптөгөн кагылышуулар жүз берди Эмират Ходейдада инсанийлик (гуманитардык) урааны астында Эмираттын кийлигишүүсүн четке каккан америкачыл ири жүрүштөргө туш келди. Ходейдадагы порт аркылуу миллиондогон Йемендиктер гуманиттардык жардам алып турушат. Америка Сирияда өзүнүн малайлары, БУУ аркылуу шаарларды курчоого алып бомбалоого алып жатканда гуманитардык жардам тууралуу ойлоп койгонсуп Йеменде гуманитардык жардам урааны астында жүрүштөрдү уюштурду. Бирок Америка Ирандын Хуситтерге аскерий жардамы кирип турушу үчүн Йемендеги Ходейда шаарындагы порт ачык калышын актоо максатында инсанийлик аты аталышында Эмират кийлигишүүсүнө каршы жүрүштөрдү кылды. Бул порт аркылуу бир же андан көбүрөөк жылдан бери Хуситтер баллистикалык ракеталарды алып турушкан ал тургай аны ушул портон Саудияга каршы да атышты. Ошондой эле Эмиратты бутага ала турган тик учакты да ушул порттон учурушту. Саудия хуситтердин ракеталык соккусуна каршы жооп катары тик учактар менен так

эмес соккуларды урумуш этти. Мисалы: хусит күчтөрү Таиз шаарын курчоого алышты. Алардын курчоого алган аскерий позициялары асмандан ачык эле көрүнүп турат ага абадан сокку уруу кыйынчылык деле туудурбайт эле. Бирок ошого карабастан блокадага алуу дагы деле өз күчүндө калууда! Ал эми Эмират иш жүзүндө хуситтерге каршы согуш алып барды. Ал тургай эгер Саудия аркылуу кысым кылбаганда ал хуситтерди Ходейдадан кууп чыгууга жакындап калган эле!

Мына ушундайча Америка менен Британиянын жана алардын кол жоолуктарынын иштери бири бирине тескери мүнөздө жүрдү. Америка хуситтер Йемендеги маанилүү аймактарды ээлеши кепилденгенден кийин саясий жөнгө салууга ыктады. Ал эми Британия болсо хуситтердин дагы да көбүрөөк жеңилүүлөргө тушугуп маанилүү аймактардан чыгып кетүүлөрүн күтүп жатат. Башкача айтканда иш жүзүндө саясий жөнгө салуу ишке ашышынан мурда хуситтер өздөрүнүн мурунку аймагы Саадага кайтып кетүүлөрүн күтүп жатат. Ошондуктан мурдагы сүйлөшүүлөр убакыт өткөргөн саясий “оюндан” ары өтпөдү. Ал сүйлөшүү айлампалары Кувейт сүйлөшүүсү сыяктуу ийгиликсиздике учурады. Өткөн сентябрь айындагы Женева сүйлөшүүсүнө хуситтердин делегаттары барбады.... Мына ушундайча сүйлөшүүлөр ийгиликсиздике учурап жатты. Хуситтер Эмират тарабынан колдоого алынып жаткан күчтөр Ходейда жана анын портун алып койууга жакындай баштаганда кыйын абалга кептелип калышты. Анткени бул аймак Хуситтердин көзөмөлүнө өтүп калган эле. Бул аралыкта көзгө көрүнгөн рол бул жергиликтүү күчтөрдү колдоого алып Ходейда шаарын алуу салгылашууларын уюштуруп жаткан Эмираттын ролу болду. Саудия бул аралыкта Эмират менен “союздаш” болгону себебтүү Эмираттын бул ишине тоскоолдук жаратууда кыйын абалда калды. Анткени ал Саудияда хуситтерге каршы согушуу жараяны менен иш алып барып жатат. Ошондой эле Америка Ходейдага каршы чабуул кылуудан кайтарып койгон. Эмират анын артында Британия Америка маанилүү иш менен алек болуп турган

ыңгайлуу учурду тандап алды. Ходейда салгылашуусу 2018.06.09 тутанды (ал хуррату 2018.06.10). Ошол маалда Америка мамбашы Трамп Түндүк Корея мамбашы менен 2018.06.12 Сингапурда саммит өткөрүү менен алек болуп жаткан. Башкача айтканда Америка чабуулду токтотуп койууга дарманы келбей турган ыңгайлуу убакты тандап алды. Мына ушундайча коргоо кеңеши да Ходейда кагылышуусун токтотуу аракетинде ийгиликсиздике учурады. (Эл аралык коргоо кеңеши Саудия жана Эмират жетекчилиги астындагы араб коалициялык күчтөрү тарабынан Ходейдага карата кылынып жаткан чабуулду токтотуу келишиминде ийгиликсиздике учурады. ( ал жазиира нет 2018 06 15 ) Андан кийин Ходейдага карата кылынып жаткан чабуулда Эмират жана ал колдоого алып жаткан күчтөр Ходейда ошондой эле анын портун алып койууга жакындай башташты. Хуситтердин Йемендеги бийлигине коркунуч жарала баштады. Ошондуктан хуситтер Эмираттын бул максатын ишке ашырбоо үчүн бүт күчтөрүн шайма-шайга келтирди. Америка жооптуу адамдарын Йемендеги гуманитардык кырдаал маселесин көтөрүүгө милдетендирди. Ходейда жана анын порту миллиондогон Йемендиктердин негизги жардам ала турган күрө тамыры катары көтөрүштү. Эмират жана анын жергиликтүү союздаштары Ходейда, анын портуна болгон максаттарын толук ишке ашыра турган жаңы чабуулдарды кылуулары үчүн эл аралык ыңгайлуу кырдаалды күзөтүүгө мажбур болушту. Иш негизинен жарым жартылай ишке ашып калган. Анын толук ишке ашышы хуситтер үчүн өтө эле кооптуу болчу. Анын натыйжасында Американын Йемендеги таасирине кооп туудурмак. Өткөн айлардагы Ходейда айланасында болуп жаткан кагылышуулар Йемен согушундагы негизги кооптуу кагылышуулар болду. Айрыкча Америка Йемен майданында Саудия менен Эмираттын союзун ажыратууга кудурети жетпеди. Ошондой эле Саудиянын Булуң мамлекеттеринин арасындагы ролуна доо кетип калышы себебтүү Саудия тараптан бир тараптуу согушту токтотуп койууга да кудурети жетпеди. 2018-жылдын октябрь айында

Саудия журналист Жамал Хашогини мыкаачылык менен өлтүртүп, өзү кыйын абалга кептеген маселе келип чыкканга чейин кырдаал ушундай абалда турду.

Үчүнчүдөн:

Стамбулда Саудиялык журналист Жамал Хашогининин мыкаачылык менен өлтүрүлүшү Сайудия айланасында жаңы кырдаалды пайда кылды жана ал Америка кызыкчылыгына каршы пайдаланыла турган болуп калды.

1. Саудия коопсуздук кызматы тарабынан Стамбулдагы консулдугунда Саудиялык журналист Жамал Хошоги мыкаачылык менен өлтүрүлдү. Бул нерсе Саудияга карата эл аралык каршылык компаниясын пайда кылды бул кээде кыйыр түрдө кээде ачык түрдө эле жүрдү. Саудия шахзаадасы Мухаммад бин Салманды эч кандай инсанийлике жатпаган мыкаачылык кылмышты ишке ашырттыргандыгы себептүү жоопкерчилике тартуу талаптары да ар тараптан койулду. Саудия же аймактагы мусулман мамлекеттеринин бийликтери тарабынан өз жарандарына карата Стамбулдагы Саудия журналистине кылынган мыкаачылыктан да эки эсе кылмыштар кылынып жатканына карабастан, Хошогиге карата кылынган бул кылмыш кээ бир мамлекеттерге бул кылмышты катуу айыптоого алууга түртү. Европа мамлекеттери Америкачыл ибн Салманды алсыратууга жана аны бийликтен алыстатуу аркетинде Хошогинин өлүмүн өз кызыкчылыктары үчүн жан алы калбай пайдаланышты. Бирок Америка мамбашы Трамп ибн Салманга эл аралык жактан колдоо көргөзүүгө шашты. Ал өзүнүн твиттердеги цитатасында ибн Салмандын айтып жаткандарына ишенээрин жазды. Аны каралоодон коргой баштады. Трамп Саудия Америкадагы жумушсуздукту жоюууга салым кошуп жаткандыгы үчүн Саудияга курал сатуу келишиминен баш тартпай тургандыгын жар салды. Конгресс мүчөлөрү “Америка кыйматын” Саудия акчасына сатып жатасыңар деген айып менен Трамптын админастрациясына кысым кылуулары күчөдү... Кийин сенат Трамптын ибн Салманды коргоого алып жаткандыгын

айыптаган мүнөздөгү билдирүү чыгарды. (Америка мамбашы Трампты тарыхый сейрек боло турган айыптоо менен АКШ сенатты төртүнчү күнү Американын Йемендеги согушту колдоосун аягына чыгарууга жана Саудия шахзаадасы ибн Салманды Саудия журналисти Жамал Хашогини өлтүрткөндүгү менен айыптоого алуу пайдасына добуш беришти. Сенаттын мүчөлөрү таарыхый кадам катары Саудия жетекчилиги астында Йеменге карата алып барылып жаткан согушта Американын Саудияга карата аскерий колдоосун токтотууга 56 маакул 41 жок деп добуш беришти. (Reuters 2018.12.14)

2. Конгресс мүчөлөрү тарабынан "Америкага берилген малай" Саудия шахзаадасы менен алаканы токтотууну талап кылган көптөгөн билдирүүлөр чыга баштады. Алардын кээ бирлери Саудияны курал жарак менен камсыздоону токтотууну да талап кылышты. Трамптын бетке кармаган актануусу болсо Саудия Америкада кызмат орундарын түзүүдө салым кошуп жаткандыгы болду.Трамп Саудияны Хашоги маселеси менен күнөлөөдөн көңүлдү башка манилүү маселеге буруууга бүткүл аракетин жумшай баштады. Саудия БУУ менен адам укуктары маселесинде тыгыз кызматташтык алып баргандыгын эл аралык коомчулукка көргөзүүгө ашыкты. Кийин ибн Салманды Швед сүйлөшүүлөрү алкагында да анын ролу бакыйтып көргөзүлдү. (Швед сүйлөшүүлөрүнүн жыйынтыктоочу бөлүгүндө, төрт жылдан бери болуп жаткан Йемен согушуна чекит коюп саясий сүйлөшүүлөр жараянын баштоо маселесинде атайын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аракетин колдоого алуу максатында БУУнун генсекратары Антонио Гуттериш жыйынтыктоочу сүйлөшүүгө катышуусу токтом кылынган. Саудиянын расмий булагы Антонио Гуттериш Саудия шахзаадасы ибн Салман менен "Йемендеги кырдаал жана ага карата жумшалып жаткан аракеттер" туурасында телефон аркылуу сүйлөшкөндүгүн билдирди. (Reuters 2018.12.12) БУУнун генсекратары Антонио Гуттериш Ибн Салмандын да катышаарына токтолду. («Аль-Арабия» телеканалынын маалыматына

ылайык БУУнун генсекратары Антонио Гуттериш журналисттерге берген маегинде Ансару Аллох жамааты менен Йемен өкмөтүнүн ортосунда жетишилген таарыхый келишимде Саудия шахзаадасы ибн Салмандын аткарган ролун ачыктап өттү... Төртүнчү күнү БУУ катчсысынын орун басары Фархан Хак БУУнун Нью-Йорктогу штаб-квартирасында журналистерге берген билдирүүсүндө: Антонио Гуттериш "натыйжа берген акыркы кеңешүүлөрдө" Ибн Салмандын ролу маанилүү болду деп эсептеп жаткандыгын айтты. (Спутник арабий 2018.12.13) Мына ушундайча Америка ибн Салмандын зоболосун көтөрдү ал тургай аны Гриффиттин тили менен да мактоого алдырган даражада кылды. (Гриффит Иорданиядан телекөпүрө аркылуу берген билдирүүсүндө Йемен сүйлөшүүсүндө тараптар келишимге жетишкендиктерин айтты. Дагы кошумчалап, "Мен Саудия шахзаадасы Мухамад бин Салмандын бул келишимге жетишүүдө өтө дилгирлик менен салым кошкондугуна ыраазылык билдирем". ( ватан ньюс сайты 2018.12.14) Ушулардын баардыгынан көрүнүп тургандай Америка бул келишимге жетишүүдө үч ишти көздөдү:

Биринчиден:

Саудияны аброюн көтөрүү.

Экинчи: эл аралык каралоолордон Саудияны сууруп чыгуу жана журналист Хашоги маселесинен ыраакташтыруу.

Үчүнчү: Саудияны каржылык тараптан шантаж кылуу мына ушул нерсе Трамп үчүн маанилүү болуп саналат... Америка Саудиянын аброюн көтөрүүсү же берилген малайы Мухаммад бин Салманга жана анын атасына болгон эл аралык айыптоолордон көңүлдү башка маселеге буруу аракетин Америка жөн эле кылган жок. Балким Америка бул иштери менен ибн Салман жана анын атасын мен силерди кыйын абалдан чыгардым дегендей түр жаратып кийин бул куткаргандыгынын акысына Саудия мунай каражатынан "саамакчы" болууда. Мына ушул нерсе Трамптын "төлө" деген саясатына негизделген "алып тоноочулук" акылына дал келген нерсе.

3. Жетишилген келишимдин негизинде Америка көздөгөн бул нерсеге ишааралар Америка жооптууларынын билдирүүлөрү ошондой эле жөнгө салуучу күчтөр тарабынан чыккан билдирүүлөр буга ишаара кылып турат.

Алар төмөнкүлөр:

(АКШ 30 күн аралыгында Йемендеги согушту токтотууга чакырды. Саудия жетекчилигинде араб коалициялык күчтөрү тарабынан Йеменден жайкын тургундарды бомбалоого алуу тез арада токтотулушу зарыл экендигин баса белгиледи. Коргоо министири Жеймс Матис Йемендеги каршылашып жаткан тараптардан 30күн аралыгында согушту токтотууну жана согушту аягына чыгаруу үчүн жаңы сүйлөшүү айлампаларын баштоого киришүүнү талаб кылды. Экинчи күнү Америка борбор шаары Вашингтондо Америка тынчтык институту уюштурган семинарда Матис мындай деди: “узак убакытту чечим катары биз согушту токтотууну, чек арадан чыгып кетүүнү жана абадан болгон соккуларды токтотууну ошондой эле баардык тараптап 30-күн аралыгында сүйлөшүү столуна отурууларын каалайбыз”, дагы баса белгилеп “Йемендеги каршылаш тараптар тынчтыкка жетүүгө кадам ташташты. Бул ишти келээрки отуз күн аралыгында ишке ашырышыбыз керек. Бул иш үстүндө иш алып барууга Саудия менен Эмират даяр деп ойлойм.

- Бир келишимге келишүү же жок дегенде келишимдин алгачкы этаптары башталышы негизинде Швед сүйлөшүүлөрүндөгү тараптарга басым өткөрүү үчүн сүйлөшүүгө катышуу максатында Америка БУУнун генсекретары Гуттеришти ал жака жөнөттү. Ошондой эле Британиянын эл аралык атайын ыйгарым укуктуу өкүлү Гриффитке үлүш калтырбаш максатында да жөнөттү. (Швед сүйлөшүүлөрүнүн жыйынтыктоочу бөлүгүндө, төрт жылдан бери болуп жаткан Йемен согушуна чекит койуп саясий сүйлөшүүлөр жараянын баштоо маселесинде атайын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аракетин колдоого алуу максатында БУУнун генсекратары

Антонио Гуттериш жыйынтыктоочу сүйлөшүүгө катышуусу токтом кылынган. (Рейтер 2018.12.12)

- Саудия сунуш кылынып жаткан келишимди кабыл алуусу үчүн Йемен мамбашы Хадиге басым кылды. (Саудия маалымат булагы алжазира маалыматына ылайык: Йемен өкмөтүнүн делегаттары Швед сүйлөшүүлөрүндөгү Ходейда жана анын портунун айланасындагы согушту токтотууга сунуш кылынып жаткан келишимди маакулдашууларына багыташы үчүн Саудия Йемен мамбашы Хадиге басым кылды. Булактын билдиришинче өкмөттүн делегаттары мамбашы Хадиге келишимге кол койбошун анткени келишимде хуситтердин Ходейда жана анын портунан чыгып кетиши ачык түрдө каралбагандыгын баяндаган документти беришти. Бирок бир нече саат мурун Йемен мамбашы Саудия тараптан күчтүү басым болгондугу себептүү делегаттарды ага кол койууга багытады. (Аль жазиира нет 2018.12.13)

- Ходейдадагы согушту токтотуу үчүн БУУнун көзөмөлдөөчү генералын дайындоону тездетүү. (БУУ Йемендеги согушту токтотууну көзөмөлдөө үчүн Голландиялык генералды тандады. БУУнун Йемен боюнча өкүлү “Мартин Гриффит” мындай деди: эс алуудагы Голландиялык генерал Патрик Камирет Йемендеги согушту токтотууну көзөмөлдөөнү жетектөөгө макул болду. Дагы кошумчалап Камирет келерки күндөрү аймака жетип барышы мүмкүн”. (Ахбаарул Йемен 2018.12.14) 2018.12.20 Йемен сайтынын кабарында: “БУУнун пресс катчысы Стефан Дюжаррик мындай деди: “комитеттин жетекчиси эс алуудагы Голландиялык генерал Патрик Камирет эртең төртүнчү күнү Санага андан кийин Ходейдага жөнөп кетет”

- Американын ачык түрдө эле келишимди колдоп кубаттоосу. Америка ТИМи Помпей келишимди кубаттап: (Йеменде тынчтыкка жетишүү мүмкүн болуп калды” деди (Би би Си 2018.12.14) жана дагы ал баяндамада мындай деди: (Йемен өкмөтү менен хуситтер ортосундагы бул сүйлөшүүлөрдө алга карай кадамдар ташталды. Тынчтык ишке ашышы мүмкүн. Баардык тараптар

бул учурдан пайдаланып миллиондогон Йемендиктердин жашоосун жакшыртуу мүмкүнчүлүгү бар. Бардык тараптар үчүн алдыга жылуу дайыма катышуу жана чыңалууларга чыдоо талабы бар. Ошондой эле жүрүп жаткан согушту токтотуу милдети да бар... (Машхад Йемен 2018.12.14 )

- Америка элчисинин хуситтер менен көңүлдү бура турган байланышуулары; (Американын Йемендеги элчиси Мэтью Толер Стокголмдогу конференциянын катышуучуларына сүйлөп жатып мындай деди: “Биз элчилер арасында жана арасында хуситтер бар жамаат менен расмий жыйналыш өткөрдүк. Менин оюмча ылайыктуу деген орунда хуситтердин жетекчилери менен жолугушуу өткөрүүнү улантуум зарыл деп билем. Бул чындыгында жакшы жоолугушуу.” Ал алар менен болгон расмий жолугушуусун дагы тастыктап мындай деди: “мен кандай жоолугушуу болбосун аны расмий алып барам. Анткени мен 24 саат боюу Йемендеги Американын элчисимин” (Шаркул Авсад Саудия 2018.12.13)

Төртүнчү.

Америка кысымы менен ишке ашкан Швед келишими жана биз жогоруда айтканыбыздай Америка андан кийин аны колдоп кубаттосу менен биргеликте эле Британия да аны кош колдоп кубаттады. Анткени Америка согуш себептүү Йемен эли өлүм-житим, ачкалыктан, оорудан, кыйынчылыктан жапа чегип жаткандыгын жалпы коомчулук алдына сүрөп Эмират артында согуш алып барып жаткан Британияга басым кыла турган коомдук пикир пайда кылды. Америка муну тим эле бүгүн көрүп жаткандай шантаж кылып көтөрдү. Мына ушундайча Америка пайда кылган бул кырдаал Британия үчүн келишимди колдобошуна орун калтырбады. Бирок адатынча учкаша калып толкун менен бирге жүрүү же жок дегенде анын жүрүшүн басаңдатуу максатында келишимди колдоого алды. Экинчи күнү Британия ТИМи Йемендеги согушту токтотууга болгон келишимди колдой тургандыгын жар салды... Британия ТИМи Жереми Хант келишимди жогору

баалап Твиттердеги баракчасына БУУнун Йемен боюнча атайын өкүлү Мартин Гриффиттин аракетин мактоого алып жазды. (Йемен нет 2018.12.18)

Ошол эле маалда келишимди кандай аткаруу көрүнүшүн талкулоо шылтоосу менен коргоо кеңешине долбоор берди.

(Британия коргоо кеңешинен башка токтом чыгартууга аракет кылды. Ал коргоо кеңешине талкуу кылуу максатында башка токтомдун долбоорун берди. Британиянын БУУдагы өкүлү Карен Пирс мындай деди: Британия эл аралык кеңеште Йемен иши менен жакындан тааныш болгондугу себептүү бардык тараптар менен биргеликте коргоо кеңешинин токтомунун үстүнөн кайрадан ишти жандантат. Ошондой эле тараптар ортосунда жетишилген келишимди ишке ашыруу жана аны ишке ашырууда БУУ тараптардын аны аткарышын көзөмөлдөп алып баруусуна мүмкүнчүлүк берүү жана кийинки негизги кадамдарды кылуу негизинде токтомду талкууга койду.” (Шабаб Йемен, Британия булагынан алган 2018.12.14)

- Экинчи күнү дипломаттар мындай деди: (БУУнун коргоо кенеши Британиянын долбоорун караштырат. БУУнун генсекретары Антонио Гуттериштен бул айдын аягына чейин Ходейдада согушту токтотууда кандай негизде көзөмөлдөө алынып барылары тууралуу сунуштарын берүүнү өтүндү. Британия коргоо кеңешинен макулдук колдоосун алуу максатында долбоорду таратып берди. Ал качан добушка коюлары белгисиз. Токтом кабыл алынышы Америка же Орусия Британия Кытай жана Франция вето коюу укугун пайдаланбаган учурда 9 макул деген добуш алууга муктаж. (Айнул Ахбар 2018 12 18)

- Британия бул долбоорду сунуш кылуудагы максаты – Британияны Йемен элинин согуш запкысын тартып жатканы кабатырланткан жок. Балким келишимдин кандай аткарылышын көзөмөлдөө шылтоосу менен келишим алкагында өзүнө ылайыктуу орун очок таап алыш максатында кылды. Башкача айтканда өз кызыкчылыгы үчүн кылды ... Ошондуктан ушуга негизделип төмөнкүлөрдү айтууга болот:

Америка жана анын аймактагы жардамчылары айрыкча Саудия Йемен өкмөт курамында (Иран жикчилдери башкача айтканда Америкачыл) Хуситтер да орун алып калышы үчүн келишимге жетишип Йемендеги согушту аягына чыгарууга катуу аракет кылышты. Швед сүйлөшүүлөрүндө бул нерсе ачык көрүндү. Бирок Йемендеги күчтүү Британ таасири астында Америка бул максатына жетүүгө кудуреттүү деп айтуу али эрте. Британия ТИМин 2018.12.13 Швед сүйлөшүүлөрүндө өзүнүн эл аралык өкүлү Гриффитти БУУнун генсекретары Гуттериш алдында колдоп кубаттап туруш үчүн Швед сүйлөшүүсүнө жиберди. Ошондуктан келишим Ходейдага гана чектелип калды. Кийинки документерди айрыкча Сана аэропорту маселесин кэлерки айлампага тездетилди... Ошондой эле өкмөттүк делегаттардын позициясы келишимде жетишилген нерселерди аткарыла туруусунда күмөн жаратты. Анткени ал Саудия, БУУ жана анын артында турган Америка тараптан күчтүү кысымдын астында кабыл алынды.

(Аль-Йемени Швед шаары Римбода сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыктоочу бөлүгүндөгү пресс-конференцияда мындай деди: Йемен өкмөтү хуситтер менен 75 жолу келишим кылышкан бирок алар анын бирөөсүн да өтөөсүнө чыккан эмес. Аль Йемени хуситтерди Таиз шаарындагы курчоону албагандыктары менен жана Сана аэропортуна байланыштуу документтер тууралуу айыптады. Аль Йемени мындай деди Йемен өкмөтү Аден аэропорту тарабынан эл аралык рейстерди ачууга даяр эле. Бирок хуситтер бул демилгени четке кагышты. Йемени дагы баса белгилеп " ынкылапты токтотуу долбоору Ходейдадан башталып жатат" Йемени дагы кошумчалап БУУ жана эл аралык коомчулук Хуситтерди Ходейда маселеси жана туткундарды алмаштыруу жаатындагы келишимди аткаруусун милдеттендире турган жоопкерчиликти алат. БУУнун генсекретары Гуттериштин жаңы келишим тууралуу планына комментарий берип жатып мындай деди: "жетишилген келишимди аткарбай жатып жаңы келишим планы тууралуу айтуу оорунсуз" (Россия сегодня 2018.12.13) Ушулардын

баардыгы келишимди аткаруудан айланып өтүүнү жана башка келишимдерге ыктоону түшүндүрөт.

Ушуга негизделип басымдуу пикир: Ходейда келишими ишке ашып кетиши оор. 2018.12.14-15-16 Ходейда айланасындагы кагылышуулар ушундан кабар берет. Башкача айтканда Швед келишимине жетишип жетише электе эле кагылышуулар жүз берди. Бул нерсе БУУну актанууга мажбур кылды. (БУУнун булагы мындай деди: “Ходейда келишиминде согушту тезинен токтотуу каралган убакта буйрук өз майданын жетип баргычакты 48 сааттан 72 саат убакыт талап кылышы табигый... согушту токтотуу экинчи күндөн тартып иш жүзүнө ашышын күтүп жатабыз” (рейтер 2018.12.16)

Мына ушундайча абал чыңалуу жана бошоңдоо абалында турушу күтүлөт. Америка айрыкча Ходейда жана анын порту айланасында аскерий иш аракетти токтотууга кызыкдар. Андан соң Ходейдагы сыяктуу Хуситтердин үнү угула тургандай саясий чечимге жетүү аракетти ишке салынат... Британия болсо саясий чечимге жете электен мурда мүмкүн болушунча Ходейда тараптан хуситтердин үнү чыкпай калган деңгээлде аларды алсыратуучу согуштуу улантууга кызыктар...

Бешинчи: Ал эми суроонун акырына келсек (бул келишим негизинде Йемен кризиси аягына чыгабы?) Ал төмөнкүдөй:

Бул келишим Йемен кризисин чечпейт. Америка Британия жана алардын жергиликтүү малайларынын кызыкчылыктары кагылышы ортосунда бул крисиз бирде солгундап бирде күчөп турат. Капиталистердин жолу негизинде күчтүү эки тараптын бийлик стандартына жараша бир компромиске келишүү аркылуу кызыкчылыктары ортосунда кала берет. Бул нерсе маселенин чечими эмес. башкача айтканда Йемен окуялары каршылаш тараптардын аскерий саясий күчтөр таразасында бирде басаңдап бир от алып күчөп турат... ал эми аны аягына чыгара турган чечим биз мурда баяндап өткөндөй эки иштин бирөө болот:

Биринчи: Америка же Британия өз кызыкчылыгына жараша ишти колуна алат. Анын натыйжасында Йеменде таасирин орнотот. Мындай болушу биз жогоруда баяндап өткөнүбүздөй акыйкатта ишке ашпай турган нерсе.

Экинчи: Ал Аллахтын жардамы аз күндөрдө жүзөөгө келе турган бул Үммөттүн Халифалыгы. Ал колонизатор каапырлардын тамырын өлкөлөрдөн сууруп алып алардын кызыкчылыгын таманы астында тебелеп салат. Алардын жамандыгын адамдардан алыстатып куфрду кор кылып Исламды улуу кылат. Ошол күнү момундар Аллахтын жардамы менен шаттанышат. (ал күнү момундар Аллахтын жардамы менен шаттанышат. Аллах кимге кааласа жардам берет ал улуу жана ырайымдуу). Йемен эли ишеним жана даанышмандык ээси. Бул улуу ишти ишке ашырып эки дүйнөдө ийгиликке жетишкиле. Аллах соолихтерди дос тутат.

**2018.12.20**

**Аданда жүз берген жана жүз берип жаткан иштердин маңызы!**

**Суроо:**

*Аданда жүз берген жана жүз берип жаткан иштердин түпкү маңызы кандай? Хадий Зубайдийди Аданга мэр кылып дайындаган болсо, Зубайдий Кеңеши менен Хадий өкмөтү ортосунда эмне үчүн согуш болуп жатат. О.э. Зубайдий мэрлик кызматынан бошотулган соң, Хадий өкмөтү ага каршы эч кандай чара көрбөдү, тескерисинче, ал өкмөттүн көз алдында беймарал күчтөрдү топтоп жатат?! Өткөөл Кеңеш Аданды ээлеп алышы артынан эмне күтүлөт?! Сизге урматтоо менен ыраазычылык билдиремин.*

**Жооп:**

Биринчи:

Британия Саудиянын «Чечкиндүүлүк бороону» деген аба чабуулдары Хусийлерди биротоло жок кылуу үчүн болбогонун амалият башталганда эле түшүнүп жеткен. Эгер, аларды жок кылуу керек болгондо, Саудия кургактык

күчтөрүн шексиз киргизмек. Тескерисинче, Хусийлер Йеменды аскерий учактардын чабуулунан коргоп жаткан каармандар, ошол эле учурда, мазлумдар катары көрүнүшү, ушул аркылуу элдин да, коомчулуктун да колдоосуна жетишип, Йемен бийлигинен бирер үлүшкө шерик болушу көздөлгөн. О.э. эгер Саъда вилаятынын колдоосу алынса, бул вилаятта бир уруу болуп келген Хусийлер бүткүл Йеменде өкмөт менен атаандашкан күчкө айланат! Британия мына ушуларды жакшы билгендиктен, Амирликтерге «Чечкиндүүлүк бороону» коалициясына кошулуп – Хусийлерге каршы үстүртөн эмес, реалдуу согуш алып баруусу үчүн – Саудия менен бирге болуу вазыйпасын жүктөдү... Британия эки максатты көздөп Амирликтерди бул ишке киргизди:

Биринчи максат:

Амирликтер Хадийге альтернатива жаратып бериши керек. Себеби, бүгүнкү күндө Хадий Саудияда кудум туткун сыяктуу жашап жатат, күчү да, кайраты да жок. Ошондуктан, Британия Аданда Хадийдин ордуна – Саудияга эмес, Британияга итаат кылган – башка бир малай жаратууга умтулуп жатат. Ушул максатта Амирликтер арты-артынан альтернативаларды издеп табууга киришти. Белгилүү болгондой, 2007-жылы өзүн «Йемен түштүгү» деп расмий жарыя кылган Түштүк кыймылы бар. Оппозициячыл активист Хасан Баум жетектеген бул кыймыл Америка менен алака кылат жана Иран тарабынан колдоп-кубатталат. Британия болсо, бул кыймылдын аракетинен тынчсызданган, акыры, Салих өлтүрүлгөндөн кийин Британиянын тынчсыздануусу коркуу даражасына чыкты. Себеби, түндүктө Хусийлердин таасири кеңейиши акыбетинде Британиянын ал жердеги таасири алсырады... Ошондуктан, ал Түштүктө өзүмө бирер күч пайда кылышым керек, ошондо Йемен башкаруусунда көзүр картага ээ болушум мүмкүн, эгер Йемен башкаруусуна ээ боло албасам, эч болбогондо түштүктө ээ боло аламын деген чечимге келди. Ушул себептен улам, Британия өзүнө Түштүктө таасир жаратуу жөнүндө олуттуу ойлоп баштады. Британия Хадийге толук таяна

албаган, себеби, Саудия аны туткундукта кармап турат. Ошондуктан, Британия бул ишти Амирликтер аркылуу кылууга киришти. Т.а. Түштүк кыймылына жарып кирүүнү же сахнада негизги роль ойногон жаңы кыймылды пайда кылып, Түштүк кыймылын четке чыгарууну чечти. Кийин Британия Амирликтер жана анын тарапташтары аркылуу Баум кыймылына параллель болгон жана түштүк маселесинде атаандаша турган дагы бир түштүк кыймылын түзүүгө катуу аракет кылды.

Ушул жерде англистердин бактысына Айдарус Зубайдий табылып калды. Түштүк кыймылындагы белгилүү жетекчилердин бири болгон бул кимсе англистердин командасына жакын. Хадий аны 2015-жылы декабрда Аданга мэр кылып дайындаган. Т.а. Саудиянын «Чечкиндүүлүк бороону» башталгандан нече ай өтүп Зубайдий мэрликке дайындалышы англистер ага катуу ишенерин түшүндүрөт. Айдарус Зубайдийге Аданда шаардын ийгиликтүү мэрине айланды, электр жарыгын кайра жолго койду, куралдуу кылмышкерлерди кууп чыгарды, Хусийлерге каршы күрөштү... Ал ушундай ийгиликтери менен Түштүк кыймылындагы тарыхий жетекчи Хасан Баумга тек келе турган белгилүү саясий жетекчи катары белгилүү болду. Бул саясий жактан. Аскерий жактан болсо, Айдарус Зубайдий Ханий ибн Бурайкка таянат. Бурайк «Түштүк куру» күчтөрүн түзгөн адам, ал Амирликтердин түштүктөгү ишенген адамы деп каралат: «Бурайк «Түштүк куру» деп таанылган күчтөргө негиз салды. Бул күчтөр Йемен түштүгүндө ачык-ашкере Амирликтер тарабынан колдоп-кубатталган согушкерлер». (Sasapost.com, 2017-жыл, 2-ноябрь). Ошентип, Зубайдий менен Бурайк экөөсү Түштүктөн кызыкдар. Бирок, экөөсү англиячыл Хадий өкмөтүндө болушкандыктан, экөөсү Түштүк кыймылына чакырышса, кадыр-барктуу боло алышпайт. Ошондуктан, биринчи кадамда экөөсү тең ашкере түрдө Хадий өкмөтүнөн чыгарылды. Айрыкча, Зубайдий Хадий тобу менен катуу жаңжалдашып, кийин анын айланасында түштүктүктөр топтолуп, жаңы кыймыл түзүлө турган болду. 2017-жылы 27-апрелде Йемен президенти Айдарус Зубайдий

Адан мэрлигинин кызматынан, Ханий ибн Бурайк министр кызматынан бошотулсун, Бурайкка карата тергөө башталсын, деген мазмунда токтом чыгарды. Токтом артынан эле каршылык көрсөтүп миңдеген Йемендыктар Түштүк Аданда нааразылык демонстрациясына чыгышты. Кийин 2017-жылы 11-май күнү Зубайдий Түштүк өткөөл кеңешине төрага болуп дайындалганы, Ханий ибн Бурайк 26 мүчө менен кеңештин төрагасынын орун басары болору жарыяланды. Ошентип, Британия амирликтер аркылуу Хадий өкмөтүнө альтернатива жаратты. Бул альтернатива Өткөөл кеңеш болуп, Британия аны убагы келгенде ишке салат. Кеңеш Амирликтердин армиясы тарабынан корголгон абалда аброй менен Аданда калды.

Экинчи максат:

Хадиданы Хусийлерден азат кылуу:

а) Амирликтер Йеменга абадан да, кургактыктан да кирген. Себеби, кургактыктан аралашуу болбосо, абадан аралашуу согушту чече албайт. Ошондуктан, Амирликтер өз күчтөрү менен бирге Хадидадагы жардамчыларын да согушка үндөдү, эгер, АКШ гуманитардык жардамдар деген шылтоо менен ага каршылык кылбаганда, Хадиданы Хусийлердин чеңгелинен сууруп алышына аз калган эле. Эми, эмне үчүн Хадида мынчалык маанилүү экенине келсек, Британия Хусийлерди негизинен Иран колдоп-кубаттап жатканын билет, Санъа аэропорту жабылып, Түштүк порттору көзөмөлгө алынгандан кийин, Иран үчүн Хусийлерге жардам жеткирип бериле турган жалгыз өтмөк Хадида болуп калды десе болот. Ошондуктан, Амирликтер Хадиданы ээлөөгө багыт алды... Хусийлер кыйын абалда калышты. Себеби, Амирликтер тарабынан колдоп-кубатталган күчтөр Хадидага жана анын порту жанына келип, ал жерлерди басып алышы мүмкүн болуп калды. Хадидада согуштар болуп, Амирликтер жана андан жардам алган согушкерлер Хадида портун ээлеп алышынын ыктымалы пайда болуп, Хусийлердин Йемендеги бийлиги коркунуч астында калды. Ошондуктан, Абдулмалик Хусий болгон күчтөрүн ушул коркунучту жоюуга сапарбар

кылды. АКШ да бардык жооптууларын сапарбар кылып, Йеменде гуманитардык абал коркунуч астында калды, ал жердеги ачарчылыкты алдын алуунун бирден-бир жолу Хадида порту деп жалгандан көз жаш төгүп баштады. Негизи, Амирликтер жана анын жергиликтүү союздаштары чабуулдарды күчөтүү, Хадиданы толук ээлөө максатында эл аралык мүмкүнчүлүктөрдү издешкен. Кала берсе, Амирликтердин Хадидадагы чабуулун токтотуу Америка үчүн чоң проблемага айланды. Себеби, бул шаар Хусийлердин колунан чыгып кетсе, алар туңгуюкта калышат!

б) Кийин Истамбулда саудиялык журналист Хашакжийдин өмүрүнө кол салынган жырткыч кол салуу окуясы жүз берди. Бул окуя эл аралык чөйрөдө Саудияга о.э. аны коргогон Трампка карата кескин чөйрө пайда кылды. Ошондо, Америка коомчулукту мындай эл аралык чөйрөдөн чалгытып, белгилүү бир даражада Хашакжий темасын жаба турган жана Саудия менен Трампты оңтойсуз абалдан чыгара турган теманы т.а. Йемен темасын көтөрүп чыгуу керек деген пикирге келди. Кийин АКШ Сенаты Американын Йемендеги согушту аскерий жактан колдоп-кубаттоосуна чекит коюуга добуш берди. «Сенат Йемендеги Саудия башчылыгында алып барылып жаткан кампанияны аскерий жактан колдоп-кубаттоону токтотууну 41 добуш каршысында 56 добуш менен макулдады». (Рейтер, 2018-жыл, 14-декабарь). Ушуга ылайык, Саудияны эл аралык туңгуюктан чыгаруу жана Хашакжий маселесин жабуу үчүн Америка Йеменде отуз күн ок атууну токтотууга чакырды... «АКШ Коргоо министри Жеймс Мэттис Йемендеги күрөшүп жаткан тараптардан отуз күн ок атууну токтотууну жана өлкөдөгү согушка чекит коюу үчүн олуттуу сүйлөшүүлөрдү баштоону талап кылды. Ал «Йеменде бири-бирине каршы согушуп жаткан тараптарга тынчтыкка карай кадам таштоонун убагы келгенин» баса белгилеп: «Муну ишке ашырышыбыз үчүн бизге отуз күн керек, менин оюмда, Саудия менен Амирликтер бул жаатта кадам таштоого даяр», - деди». (Халиж онлайн, 2018-жыл, 31-октябрь).

в) Мунун артынан Йемен темасын чечүү үчүн Швеция келишимине кол коюлду. Британия бул нерселерди түшүнүп жетти, бул келишимди АКШ Хусийлер пайдасына багыттап турганын билген. Сүйлөшүүчү тараптын биринчиси Хусийлер болсо, экинчиси Саудиянын буйругуна моюн сунган Хадий. Кабарларда келишинче, өкмөт делегациясы келишимге кол койбошу керек, себеби, анда Хусийлерди Хадидадан чыгаруу маселеси каралбаган деп эсептелүүдө. Бирок, Саудиянын басымдары астында Хадий ыраазы болду! «Булактар Ал-Жазирага маалымдашынча, өкмөт делегациясы Риязда жашап жаткан Хадийге кат жиберип, келишимге кол койбоону дайындап, келишимде Хусийлердин Хадида шаарынан жана портунан чыгып кетиши камтылбаганын билдирди. Бирок, Йемен президенти акыркы сааттарда Саудия тарабынан катуу басымдар болгон соң келишимге кол койду». (Ал-Жазира, 2018-жыл, 13-декабрь). Табигый болгондой, Америка келишимди ашкере алкыштады. «АКШ мамлекет катчысы Помпео «Йеменде тынчтык орношу мүмкүн» деп эсептеп, келишимге кол коюлганын алкыштады». (Би-Би-Си, 2018-жыл, 14-декабрь). Хусийлер Хадидадан чыкпастан келишимге кол коюшу Америка үчүн маанилүү эле. Себеби, ал сүйлөөшүүчү тараптар т.а. Хусийлер да жана Саудияда туткундукта жашап жаткан Хадий да анын көрсөтмөсү боюнча жүрөт деп ойлогон.

Экинчи:

Ушул жерде Британия Хадийдин альтернативасын ишке түшүрүүнүн убагы келди деп билди. Мисалы, Америка түндүктө Хусийлерди бекемдөөгө жетишсе, англистер түштүктө Хадийдин альтернативасын даярдап койгон болот. Т.а. бул ушундай альтернатива, Америка да, анын малайы Саудия да туткунда сактап жатышкан англис малайы жардамында Хусийлер менен бирер чечимге келе албайт. Балким, түштүктөгү англистердин малайларынын аракетине күбө болушат, бул малайлар Саудия да туткунда кармап тура албай турган, Британия пайдасына гана иштей турган күчтүү тикендүү аракет экенине күбө болушат. Муну менен Британия Йемен темасын чечкен болот.

Ошентип, Адан окуяларын баштоо үчүн альтернатива т.а. Зубайдий кеңеши аракетке келтирилди.

1 – Аданда жүз берген соңку окуялар атайылап ылдамдатылды жана бул нерсе анык байкалып турат! Т.а. Түштүк өткөөл өкмөтү менен Адандагы мыйзамсыз өкмөт күчтөрү ортосунда абал курчуду, кийин 2019-жылы 7-августта «Коопсуздук тасмасы» менен өкмөт күчтөрү ортосунда кагылышуулар болду... Кагылышуулардан төрт күн өтүп, 2019-жылы 10-август күнү ушул билдирүү ачкталды: «Кагылышуулардан төрт күн өтүп, ишемби күнү Түштүк өткөөл кеңеши Адандагы Маашик сарайын ээлегенин жарыялады». (Франс 24, 2019-жыл, 10-август). О.э. Адандагы башка аскерий бөлүк жана мекемелер да Хадий өкмөтүнүн колунан чыкты!

2 – Бул окуялардын төрт күн ичинде тездешип кетишине Хадий өкмөтү, анын аппараты, республика президенти жана анын орун басары Британиянын малайлары экендиги да жардам берди. Себеби, алар Түштүк өткөөл кеңешине Британия тарабынан жүктөлгөн вазыйпанын аткарылышына ыңгайлуулук жаратып берип турушту! Ушул таризде Кеңеш маселени бир жактуу кылуунун өтөөсүнөн чыкты жана мунун бир нече далилдерин келтирип өтөбүз:

а) «Коопсуздук куру күчтөрүндөгү бир расмий булак: «Биз Маашик сарайын президенттик күчтөрүнөн каршылыксыз алдык», деди». (Франс 24, 2019-жыл, 10-август).

б) «Йемен ички иштер министри Ахмад Майсарий – Йемен президенти Аданда жүз берип жаткан окуяларга унчукпай турушу күмөн ойготууда, бул туура эмес, деди». (Ал-Жазира, 2019-жыл, 11-август).

в) «2019-жылы 10-август күнү Йемен өкмөтүнүн атайын күчтөрүнүн командачысы генерал-лейтенант Базл Баиш армиядан бөлүнүп чыгып, Өткөөл өкмөттүн күчтөрүнө кошулганын жарыялады. Ушул күчтөр тарабынан таркатылган видеодо ал мыйзамдуу өкмөт куралдуу күчтөрдөн бөлүнүп, өзү кошуундары менен биргеликте генерал-лейтенант

командачылыгы астындагы Түштүк өткөөл кеңешине кошулганын айтты». (Middlie Tast online, 10-август).

г) Мындан тышкары, Амирликтер да чоң роль ойноду. Кудум кожоюнуна окшоп алдады... Себеби, Зубайдийди эң көп колдогон Амирликтер болот! Мисалы, ал Саудия пландарына каршы бирер иш кылса, тезинен артынан – биз Саудия жетекчилигиндеги коалицияда шериктешпиз деп билдирүү берди! Экөөсү тең Йемен туруктуулугу үчүн «аракет кылышат»!

Үчүнчү:

Саудия абал – айрыкча хаж мезгилинде – мынчалык курчуп кетет деп ойлобогон көрүнөт. Ушул себептен улам, 2019-жылы 10-август күнү кечкурун Өткөөл кеңеш Аданды ээледи... Мына ошондо Саудия буга карата чара көрүүгө киришти. Мисалы:

а) «... Кече кечкурун Йемендеги мыйзамдуулукту колдоп-кубаттаган коалиция Адан шаарындагы бардык аскерий уюмдарды жана мекемелерди, Түштүк өткөөл кеңешминин күчтөрүн жана ал жерди көзөмөлдөп жаткан «Коопсуздук куру» күчтөрүн тезинен өз жайларына кайтууга, акыркы күндөрдө басып алган жайлардан чыгып кетүүгө, жеке жана эл мүлкүнө кол салбоого чакырды. О.э. коалиция өткөн түнү саат 01:00ден баштап Йемендын убактылуу борбору Аданда ок атууну токтотууга чакырды, коалиция күчтөрү бул чакырыкка каршы чыккан ар кандай тарапка аскерий күч колдонорун баса белгиледи. Мөөнөт башталгандан бир нече мүнөт өтүп, Түштүк өткөөл кеңеши ок атууну токтотууга макул экенин жарыялады жана Рияз чакырыгына жогору баа берди». (Шаркул Авсат, 2019-жыл, 11-август). Ага карабастан, «Кеңеш төрагасынын орун басары Ханий Али Бурайк Твиттер аркылуу кеңеш коалицияга моюн сунууну улантарын, бирок, мындай коркунуч астында сүйлөшүү болбошу керектигин баса белгиледи. Араб коалициясындагы бир расмий булак убактылуу өкмөттүн ок атууну токтотуу жөнүндөгү билдирүүнү «жакшы» деп баалады, бирок, курал жардамында

көзөмөлдөнүп жаткан жайлардан чыгып кетүү зарылдыгын эсепке алганда, бул чакырык жетиштүү эмес, деди. Ага ылайык, «Өткөөл өкмөт күчтөрү чыгып кетип, өз объекттерине кайтары менен Йеменде тараптар ортосунда жолугушуу болушун маалымдады». (Индепендент, 2019-жыл, 11-август).

б) Коалиция жарыясын ишеничтүү жарыяга айлантуу үчүн, объекттердин бири бутага алынды: «Йемен борбору Адандагы мыйзамдуу өкмөткө каршы сепаратист күчтөр коркунуч эсептеген аймактардын бири бутага алынды. Коалиция бул мындай иште биринчи ирет ишке ашырылган амалият экенин, ок атууну токтотуу жөнүндөгү билдирүүгө амал кылынбаган абал жүз берсе, бул бутага алуу дагы уланышын, себеби, билдирүүдө баш ийбегендерге күч колдонулушу менен эскертилгенин баса белгиледи». (Арабия, 2019-жыл, 11-август).

в) Араб мамлекеттери коалициясындагы расмий булак билдиришинче, Түштүк өткөөл кеңеши аларга караштуу объекттердин бири коалиция тарабынан бутага алынгандан кийин Адандагы көзөмөлдөп жаткан айрым региондордон чыгып кете баштаган.

Төртүнчү:

Эми, эмне болору жөнүндөгү божомолго келсек, эки нерсенин бири болушу мүмкүн:

Биринчи божомол: эки тарапты сүйлөшүүгө чакырган Саудия Зубайдийди жана анын кеңешин – кудум Хадий жана анын өкмөтүн кылгандай – көзөмөлгө алууга аракет кылат. Бирок, бул оңой иш эмес. Себеби, Британия Хадий Саудиянын көзөмөлүнө түшүп калгандыктан ушул кеңешти түзгөн, ошондуктан, Хадий маселесинде кулаган орго кайра кулоо жүз берилишине жол бербейт. Көбүрөөк божомол, Саудия Зубайдийге жана кеңешине карата алдап тузакка түшүрүү саясатын колдонот т.а. өкмөттө кеңири укуктарды берүү, Хадий өкмөтүнө кошулуу менен алдайт, Хадийдин укуктары Зубайдийдин укуктарына караганла аз болот, Зубайдий болсо, абройду сактап калуучу катары өкмөткө премьер-министр болуп калат,

Зубайдий эгер буга ыраазы болбосо, ага каршы аскерий чабуулдар кылуу менен коркутат. Король Салмандын 2019-жылы 12-августта Абу Даби канзадасы менен жолугушуусу да, иштерди мурдагы абалына кайтаруу максат кылынган болушу мүмкүн. Себеби, Саудия Зубайдий жетектеген Өткөөл Кеңештин артында Амирликтер турганын жакшы билет.

Экинчи божомол: эгер Өткөөл Кеңеш макул болбосо, кийин Саудиянын аракеттери ийгиликсиздикке учураса, Британия Йемен ишине түздөн-түз аралашат... АКШ менен сүйлөшүү өткөрүп, Өткөөл кеңешти Хусийлер менен сүйлөшүүгө үндөөнү, ушул аркылуу Хусийлерге өкмөттөн абройлуу үлүш берилишин Америкага убада кылат. Хусийлердин саясий бөлүмүнүн мүчөсү Мухамад Бухайлинин өзүнүн Фейсбук баракчасында тараткан чакырыгы да кокустук эмес. Өткөөл кеңеш Аданды ээлеши артынан жана Саудия тараптарды сүйлөшүүгө чакырышы менен бир убакта билдирилген анын чакырыгында мындай делет: «Биз бардык саясий уюмдарды, өзгөчө, Ансаруллах, Конгресс партиясы, Ислах партиясы, Өткөөл кеңеш сыяктуу башка уюмдарды Йемен согушуна чекит коюу үчүн сүйлөшүү столуна отурууга, баарын өзүндө камтуучу жаңы Өткөөл өкмөттү түзүп, кийин келишим долбооруна келишип алууга чакырабыз».

Ошентип, мына ушундай бир чечимге чөйрө даяр көрүнөт. Себеби, Америка Швеция сүйлөшүүлөрү алдынан ачыктаган билдирүүлөрүнөн көрүнүп тургандай, Йемен маселесине чекит коюуну каалоодо. Саудия да Йемен баткагынан чыгууну каалап жатат. Британия болсо, Саудияга итаат кылбай, өзүнүн буйругу боюнча аракет кыла турган адамды колго киргизди жана ушул себептүү да сүйлөшүүлөргө ыраазы болуп жатат, иштери мурдагы Хадий туткун болуп калгандай уланышын каалабай жатат. Качан АКШ менен Британия биргеликте чечимге келишишсе гана, аны Хусийлер, Өткөөл кеңеш жана Саудия сыяктуу малайлары аткарышат. Бирок, капиталисттердин ар кандай чечим алдында эксплуатация, алардын канында болгон утилитаризм-кызыкчылык назариялары тоскоолдук болот. АКШнын да,

Британиянын да баштапкы вазыйпалары мына ушул ортоктош чечим эмес. Балким, экөөсүн бул чечимден мурда кызыктыра турган маанилүү нерсе – ушул чечим өз кызыкчылыктарына ылайык келиши. Ушул себептүү, өз ара сүйлөшүүлөрү созулуп кетүүдө... Хусийлер, Хадий жана кеңеш болсо, күтүп жатышат!

Бешинчи:

Бирок, маселенин биз үчүн кайгылуу тарабы Йемен калкы маселеси. Эгер, алар Аллах Субханахуга калыс жана Расулу ﷺга садык турушса, өз маселелерин өздөрү чечүүгө кудуреттүү. Жетишет, качанга чейин проблемаларынын чечимин душмандарга тапшырып коюшат?! Бул кафир колонизаторлор Йемен маселесин мусулмандардын каны аркылуу чечүү жолдорун издеп жатышат, кийин төгүшкөн ушул кандарды кечип жүрүп, өз кызыкчылыктарына ылайык чечимди тандап жатышат. Алардын мусулмамн өлкөлөрүндөгү малай акимдери жана тарапкерлери да караңгылык баткагына дагы да батышууда. Болуп жаткан бул сыяктуу окуялар кудум мусулмандар өлкөлөрүндө эместей, бүтүндөй башка мамлекеттерде болуп жаткандай! Бул акимдердин биздин маселелерибизди кафир колонизаторлордун колуна тапшыруулары ушундай бир чоң күнөө болуп, аны кылган кимселерди бул дүйнөдө кордук, ахиретте катуу азап күтөт.

﴿سَيُصِيبُ الَّذِينَ أَجْرَمُوا صَغَارٌ عِنْدَ اللَّهِ وَعَذَابٌ شَدِيدٌ بِمَا كَانُوا يَمْكُرُونَ﴾

«Жакында мындай кылмышкерлерге жасап өткөн айла-амалардары себептүү Аллах алдынан кордук жана катуу азап жетет» [6:124]

**12-зул-хижжа, 1440-х.**

**13-август, 2019-м.**

## Казакстандагы окуялардын саясий акыбеттери

**Суроо:**

*Президент Касым-Жомарт Токаев суюлтулган газдын баасы эки эсе көтөрүлүшүнүн артынан күчөгөн нааразылык демонстрацияларын бастыруу үчүн жардам сураган соң, Россия Казакстанга ЖККУнун атынан*

*аралашты... Россия тышкы күчтөрдү, өзгөчө, Американы мамлекеттин иштерине аралашууда жана наразылыктарды козутууда айыптады. Кийин Улуттук коопсуздук комитетинин жетекчиси бийликти кулатууга аракет жасады деп айыпталды. Суроо: наразылык демонстрацияларынын түпкү себеби эмне? Эмне үчүн Россия ЖККУнун атынан мынчалык бат аралашты? АКШнын бул боюнча позициясы кандай?*

**Жооп:** Жогорудагы суроолордун Жообу түшүнүктүү болушу үчүн ушуларды карап чыгабыз:

1 – Борбор Азиядагы Батыш Түркстандын бир бөлүгү болгон Казакстан – 2,7 миллион км2.ден ашуун янтка ээ болгон исламий өлкө. Бирок, анын калкы майданына салыштырмалуу аз болуп, болжол менен 19 миллионду түзөт. Калкынын 75 %дан көбү мусулмандар. Казакстанда чоң сандагы орус азчылыктары жазайт. Айтылышынча, алар калктын 20 %ын т.а. болжол менен 3,5 миллион адамды түзөт. Казакстан Россия үчүн экономикалык жана геосаясий жактан маанилүү өлкө болуп эсептелет. Ал Советтер Союзу доорунда 1991-жылы өз эгемендүүлүгүн жарыя кылганга чейин түздөн-түз Россиянын өкүмдарлыгы астында болгон. Бирок, ал Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги, Жамааттык коопсуздук келишими уюму о.э. Шанхай кызматташтык уюму алкагында Россияга байланып калды. Байконурда Россия космодрому жайгашкан, космостук кемелер ошол жайдан учурулат. Россия Казакстандын үлкөн байлыктарын ээлеп алган. Казакстан нефтиге бай мамлекет. Нефть мамлекеттин ички дүң продукциясынын 21 пайызын түзөт жана күнүнө 1,5 миллион баррелден ашуун нефть казып алынат. Дүйнөдө эң ири уран өндүрүүчүлөрдүн бири эсептелген бул өлкө 1,5 миллион тонна уран запасына ээ. Ал жерде чоң көлөмдө марганец, темир, хром, көмүр жана газ бар. Азыркы убакка чейин 2 триллион куб метрге жакын табигый газ табылган. Ошентип, Казакстан Россия үчүн чоң мааниге ээ. Себеби, постсоветтик аймакта Россия анын таасири астындагы маанилүү регион деп эсептелген мамлекеттер ичинде Казакстан Украинадан кийин

экинчи орунда турат. Ушул себептен улам, Казакстанга окшоп сөздө эмес, иш жүзүндө Россиядан эгемендүү болгон Украинадагыдай окуялар кайталанбашы үчүн, Россия аны өз колунда сактап калууга болгон күчүн жумшайт.

2 – Америка да Казакстандын канчалык маанилүү экенин билет. Себеби, анын жайгашуусу чоң мааниге ээ. Ал Россиянын түштүк чегараларында жана Кытайдын батыш чегараларында жайгашкан. Мына ушундан улам, Америка бир тараптан Россияны курчоого алып, анын региондогу таасирине чекит коюуну көздөйт, башка тараптан Кытайды курчоого алуу үчүн бул мамлекетте өз таасирин кеңейтүүнү каалайт. Кала берсе, бул мамлекеттин Россиянын колунан чыгышы Борбор Азиядагы башка мамлекетердин да Россиянын таасиринен чыгышына алып келиши мүмкүн. Американиын бул кызыгуусу Казакстан эгемендүүлүгүн жарыя кылганда эле пайда болду. Ошондуктан, Америка Казакстан эгемендүүлүгүн тааныган биринчи мамлекет болду. Кийин Америка компаниялары ал жерге кирип, мамлекеттеги көптөгөн нефть жана газ өнөр жайын ээлеп ала баштады. Мисалы, Американын «Шеврон» компаниясы «Тенгиз» нефть кенинин 50 %ына ээлик кылат. Бул кен мамлекеттеги өндүрүштүн үчтөн бир бөлүгүн түзөт. Европа компаниялары да Казакстандагы энергия ресурстарынын бир бөлүгүн ээлеп ала баштады. «Казакстан экспортунун болжол менен 90 пайызын нефть жана газ сыяктуу энергия ресурстары түзөт. Алардын баары дээрлик чектелген болуп, Батыштын капитал ээлерине о.э. Америка жана Европанын ири нефть компанияларына тиешелүү»... (Спутник агенттиги, 2022-жыл, 8-январь). Американын аракети нефть жана газ компаниялары менен гана чектелип калбастан, андан ашып, 1989-жылдан тартып 2019-жылы март айында отставкага чыкканын жарыя кылганга чейин мамлекетти башкарып келген Назарбаевдин доорунда кээ бир аскерий келишимдерди түзүүгө чейин үлгүрдү. Кийин Назарбаевдин мураскорунун доорунда аны менен Россиянын жакын мамилелери Американын натыйжалуу аскерий

келишимдерди түзүшүнө тоскоолдук кылды. Ошондой болсо да, Америка аракеттерин улантуудан үмүт үзгөн жок. «2019-жылы февраль айында АКШ борбордук командачылыгынын командачысы генерал Жозеф Вотел сенатта АКШ менен Казакстандын мамилелери жөнүндө: «Борбор Азиядагы эң жетик мамилелер...», - деди. (Ал-Жазира, 2022-жыл, 6-январь). АКШ менен Казакстан армиялары ортосундагы алакалар эки мамлекет ортосундагы мамилелердин маанилүү тарабын түзөт. 2003-жылдан баштап Казакстан көп тараптуу аскерий машыгууларды, 2019-жылы июнь айында Казакстандын түштүк-чыгышында болуп өткөн, анда АКШ күчтөрү да катышкан аскерий машыгууну өткөрдү. Ал тургай, бул машыгуулар жөнөкөй машыгууларга жакын болсо да, бирок, бул Американын Казакстанга болгон кызыгуусунан кабар берет. Россия болсо, шексиз, анын бул кызыгуусунан коркот...

3 – Нааразылыктар жүз берип, күтүлбөгөндө кеңейип кеткен соң Россиянын кооптонуусу күчөдү. Бул окуялар өз-өзүнөн табигый башталды. Белгилүү болгондой, 2022-жылы 5-январда мамлекеттин батышындагы Жанаозен жана Актау шаарларынын калкы суюлтулган газ баасынын эки эсе кымбаттаганына каршы нааразылык демонстрациялар жайылып, Алматы шаарына чейин жетти. Алматы мамлекеттин эски борбору, Казакстандын эң чоң шаары, эң маанилүү соода-сатык, экономикалык жана финансылык шаарларынын бири болуп эсептелет. Маалымат агенттиктери маалымдашкандай, шаардагы президенттик резиденция жана шаар мэриясынын имараты өрттөлгөн. Россиянын «Спутник» агенттигинин кабарына ылайык, «Коопсуздук күчтөрү борбор Нурсултан (мурдагы Астана) администрациясынын имаратынын айланасына коопсуздук коргонун орноткон. Интернет өчүрүлгөндүктөн накталай акчалай төлөмдөрү токтотулган, борбордун калкы банктардан чоң көлөмдөгү акчаларын алып чыгууга шашылышкан». Жергиликтүү маалымат каражаттарынын кабарына ылайык, Чыгыш Балхаш облусундагы кен казган жумушчулар нааразылыктарга кошулуп, жумуштарын токтотушкан. Ошентип,

демонстрациялар зомбулукка айлана баштады... Казакстандын Анкарадагы элчиси анын өлкөсүндөгү окуяларга түшүндүрмө берип, мындай деди: «Демонстрациялар турмуш шартты жакшыртууну талап кылуу жана суюлтулган газдын баасы көтөрүлүшүнө каршы чыгуу менен башталган. Алматы шаарына өткөндөн кийин демонстрациялар башкача түс алды о.э. провокация жана мыйзамсыз иштер менен аралашып кетти...». (Анадолу, 2022-жыл, 6-январь). Абалды тынчтандыруу үчүн 2022-жылы 5-январда Казакстан өкмөтү отставкага кеткендиги жарыяланды жана суюлтулган газдын баасы төмөндөтүлдү. Бирок, демонстрациялар токтогон жок, тескерисинче, жайылып күчөп кетти.

4 – Демонстрациялардын минтип жайылышы Казакстандан мурун Россияны айыпты эки тарапка багыттоого үндөдү:

Биринчи тарап – жергиликтүү коопсуздук кызматынын кызматкерлери:

а) Бул үчүн кээ бир коопсуздук кызматынын кызматкерлери наразылык демонстрацияларга жана башаламандыктарга көз жумуп жатканы себеп кылып көрсөтүлдү. Ошондон кийин мамлекеттин коопсуздугун камсыздоо үчүн жооптуу болгон Улуттук коопсуздук комитетинин жетекчиси Карим Масимов айыптуу деп табылды. Бул адам бийликти басып алуу үчүн абалдан пайдаланган деп көрсөтүлдү. Ошондуктан, ал 2022-жылы 8-январда отставкага чыгарылып, кыянаттыкта айыпталды. «Казакстан Улуттук коопсуздук комитети анын мурунку жетекчиси Карим Масимов «өлкөгө кыянаттык кылууда» шектелип камакка алынганын билдирди. Улуттук коопсуздук комитетинин билдирүүсүнө ылайык: «Ушул жылдын 6-январында Улуттук коопсуздук комитети мамлекетке кыянаттык кылуу факты боюнча Казакстан республикасынын кылмыш кодексинин 175-беренесинин биринчи бөлүмүнө ылайык кылмыш ишин ачуу максатында тергөө иштерин баштаган»». (RT, 2022-жыл, 8-январь). Казакстандын мурунку президенти Нурсултан Назарбаевдин мурунку кеңешчиси Ермухамет Ертысбаев: «Мамлекеттеги кризистин себептеринин бири –

айрым жогорку кызматтагы расмийлердин кыянаты», - деди. Ал мамлекеттеги акыркы окуяларды «мамлекеттик төңкөрүш жасоого аракет кылуу жана куралдуу кол салуу» деп атады. Ертысбаев дагы мындай дейт: «Мамлекеттик төңкөрүш жасоого багытталган бул иш-аракеттин жана куралдуу кол салуунун көлөмү өтө таң каларлык. Ал уюшкан жана күчтүү аракет. Аны бийликтин жогорку эшелонундагы, айрыкча, укук коргоо органдарындагы саткындарсыз ишке ашыруу мүмкүн эмес»». (RT, 2022-жыл, 8-январь).

б) Казакстан президенти Касым-Жомарт Токаев Россия жетектеген ЖККУнун аралашуусун сурап кайрылгандыгын актап, «анын мамлекети террористтик чабуулга, чет элдик согушкерлердин катышуусундагы атайылап уюштурулган агрессияга учураганын» айтты. Ал кошумчалап: «Террорчулар тарабынан жасалган зомбулуктардын натыйжасында коопсуздук кызматынын кызматкерлери жана катардагы адамдар арасында көптөгөн курман болгондор болду, 1300гө жакын ишкердик объектилер зыян көрдү, 100дөн ашык соода борборлоруна жана банктарга чабуул жасалды, 500 полиция унаасы өрттөлдү, зыян 2 жана 3 миллиард тегерегинде», - деди. Ал: «Он миңге жакын адам камакка алынды, абал турукташты жана көзөмөлгө алынды. Террордук коркунучтун борборлору зыянсыздандырылды. Айрыкча, маанилүү стратегиялык объектилер, курал-жарак сакталган жайлар корголду», - деп кошумчалады. (RT, 2022-жыл, 10-январь).

в) Ошентип, Казакстан президенти Токаев Россиядан аралашууну сурады. Орустар анын талабынан мурун эле аралашууга чечим кабыл алгандай, сураныччка тезинен жооп беришти. Россия 1992-жылы түзүлгөн ЖККУ аркылуу Казакстанга аскерий жактан аралашуу баштады жана 2022-жылы 6-январда биринчи аскерий батальонду жиберди... (Ал-Жазира Нет, 2022-жыл, 6-январь). Кийинки эки күн ичинде 2500 аскер аскерий жабдыктар жана унаалар менен аба аркылуу жөнөтүлдү. Бул өзгөчө абалдагы миссияда,

Армения менен Кыргызстан күчтөрүн Казакстанга жеткирүүдө 70тен ашуун Россия аскерий жүк ташуучу самолёттору катышты. Ошондуктан, Токаев мындай деди: «Мен Россия президенти Путинге өзгөчө ыраазычылык билдирем. Себеби, ал менин жардам сурап кайрылган кайрылуума тезинен жооп берди». (RT, 2022-жыл, 7-январь). Андан кийин Путин 2022-жылы 10-январда ЖККУнун видеоконференциясында мындай деди: «Айрым тышкы жана ички күчтөр өз максаттарына жетүү үчүн Казакстандагы экономикалык абалдан пайдаланышты. ЖККУ Казакстандагы абалдын көзөмөлдөн чыгышына жол бербөө үчүн маанилүү чараларды көрдү жана өз учурунда керектүү чечимди кабыл алды. Бул күчтөр ушул мамлекеттин президенти белгилеген мөөнөткө чейин Казакстанда калат. Казакстандагы окуялар тышкы аралашуунун биринчиси эмес жана акыркысы да болбойт. ЖККУга мүчө мамлекеттер түстүү ыңкылаптарга жол бербестигин көрсөтүштү. Казакстандагы акыркы окуялар кээ бир күчтөр экстремист жана террористтерди тартууда, согушкерлердин уктап жаткан ячейкаларын түзүүдө кибермейкиндиктен жана социалдык тармактардан экиленбей пайдаланышын тастыктады». (RT, 2022-жыл, 10-январь).

Россия бул окуяларда айыптаган экинчи тарап т.а. тышкы күчтөр:

Путин ЖККУ конференциясында Американын бул окуяларга байланышы бар экенин оозго албаган болсо да, бирок, анын сөздөрүнөн муну түшүнүүгө болот. Андан мурун Россия маалымат каражаттарында айтылган кабарлар бул пикирди тастыктайт... Россия маалымат каражаттарында демонстрацияларда Американын ролу болушу мүмкүн экендиги айтылган... Муну Ак үйдүн маалымат катчысы Жен Псакинин бул пикирлерди төгүндөгөн билдирүүлөрү да тастыктайт. Псаки Россия маалымат каражаттарынын Казакстанды силкинткен башаламандыктарда Кошмо Штаттардын ролу болушу мүмкүн деген кабарларын «Россиянын алаңгазар пикирлери» деп атады. О.э. ал мындай сөздөр «бүтүндөй жалган» экендигин жана «Россиянын дезинформациялык стратегиясын» ачыктарын баса

белгиледи. (Индепендент арабий, 2022-жыл, 7-январь). Россиянын ЖККУ аркылуу аралашуусун актоо үчүн уюмдун учурдагы жетекчиси – Армения премьер-министри Никол Пашинян «Уюм «тышкы аралашуу» жөнүндөгү кайрылууга жооп бергенин» баса белгиледи». (Индепендент арабий, 2022-жыл, 7-январь). Бул билдирүүлөр ушуга далалат кылат: Казакстан, анын артында, кала берсе алдында турган Россия бул окуялар ички себептер аркылуу гана жүз бербестен, Американын да колу бар деп билет. Американын бул окуялардагы ролун анын билдирүүлөрүн карап чыгуу менен айкын болот:

а) Блинкен казакстандык кесиптеши менен телефон аркылуу сүйлөшкөндө «Казакстандагы башаламан абалга тынчтык жол менен чечим табууга о.э. массалык маалымат каражаттарынын эркиндигин урматтоого» чакырды. АКШ мамлекет департаментинин катчысы Нед Прайс: «Блинкен Кошмо Штаттардын Казакстан конституциялык мекемелерин толук колдорун баса белгиледи. Ал кризиске адам укуктарын урматтап, тынчтык жол менен чечим табуунун тарапкери», - деди. Ал кошумчалап: «Америка Казакстандагы окуяларга тынчсыздануууда. Бирок, ал мамлекет ЖККУ жардамысыз өз алдынча абалды жөнгө сала алат деп ишенет», - деди. (Франс Пресс, 2022-жыл, 6-январь).

б) Блинкен Казакстан президенти Касым-Жомарт Токаевдин демонстранттарды атуу жөнүндөгү билдирүүсүнө түшүндүрмө берип: «Мен бул билдирүүлөрдү каралайм, эгер бул улуттук саясат болсо, мен аны каралайм...», - деди». (CNN, 2022-жыл, 9-январь). Казакстан президенти: «Мен террорчуларды эскертүүсүз атууга буйрук бердим», - деген эле. Ал: «Алматы шаарына жасалган чабуулда 20 миң террорчу катышты», - деп кошумчалаган.

в) Америка Россия күчтөрүнүн Казакстандан чыгышын талап кылды. АКШ мамлекеттик департаментинин катчысы мындай деди: «ЖККУ күчтөрү Казакстандан чыгышы керек... Алардын катышуусу суроолорду жаратууда.

ЖККУнун катышуусуна эч кандай негиз жок...». (Новости, 2022-жыл, 11-январь).

Көрүнүп тургандай, Америка Россия күчтөрүнүн Казакстанга киргизилишине каршы чыкты. Ал проблеманы Россияны аралаштырбай жана демонстранттарга каршы күч колдонбостон чечүүнү талап кылды... Себеби, Америка бул аралашуу Россиянын Казакстандагы таасирин жана Казакстан режиминин Россияга байланып каларын бекемдешин түшүнүп турат... Америка анын окуяларга аралашкандыгы жөнүндөгү айыпты четке какты. Бирок, анын четке кагышы демонстранттарды бастырбоону жана адам укуктарын тебелебөөнү талап кылуу менен коштолду...

Корутунду:

а) Жогоруда айтылгандардан Россия Казакстанга канчалык маани бериши көрүнүп турат. Анткени, ЖККУ беренелери ишке киришинин артында Россия турду. Бул, Казакстандагы демонстранттарды күч менен бастырууга багытталды. Уюм 1992-жылы ушул аталышта түзүлгөндөн бери демонстрациялар уюмдун аралашуусу менен бастырылганы биринчи ирет жүз берди. ЖККУга мүчө мамлекеттердеги бул сыяктуу окуяларда мындан мурун уюмдун аралашуусу байкалбаган эле. Бул болсо, Россия Казакстанга канчалык маани беришин көрсөтөт.

б) Башка тараптан, Казакстандагы коопсуздук жаатындагы абалдын туруксуздашы Россиянын постсоветтик аймактагы таасиринин жаңы күчсүз тараптарын көрсөттү. Бул жагдай Батышты Россияны Борбор Азиядан тартып Белоруссияга чейинки кризистер менен курчап алууга кызыктырышы мүмкүн.

в) Бирок, Америка Казакстанда өз таасирин кеңейтүү аракеттинен көздөгөн нерселерине жетише албады. Көрүнүп тургандай, Америка демонстрациялардын күч алышына кызыкдар эле. Ал мамлекет ичине өз адамдарын киргизип алып, кийин ичкериден да, тышкарыдан да басым кылууну көздөгөн...

г) Биз ушуну баса белгилейбиз: Казакстандай исламий өлкөдө душмандардын өз ара күрөшүп жатканы, өлкө байлыктарын талап-тоноп, өлкөнүн абалынан жана мүмкүнчүлүктөрүнөн өз кызыкчылыктары үчүн пайдаланып жатышканы, ошол эле учурда, өлкөнүн калкы арасындагы малайларды тактыга жана жогорку кызматтарга жетүү күрөшүнөн башка нерсе ойлондурбай жатканы, алар өлкө калкын – мамлекет кең жер аянтына жана байлыктарга ээ болуп туруп – жакырчылык жана азап-кыйынчылыктарга салып жатышканы о.э. мамлекет калкынын көпчүлүгү мусулман болушуна жана Ислам момундар үстүнөн кафирлерге жол бербөөгө буйруганына карабастан, өлкө калкын душмандарга таштап коюшканы аянычтуу абал. Ушул себептен улам, өлкө-жаранды куткаруу үчүн пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалыкты тикелөө үчүн аракет кылуунун зарылдыгы дагы бир ирет өз тастыгын табууда. Халифалыктын тикелениши менен гана Ислам Умматы адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы, күчтүү жана үстөмдүк кылган Умматка айланат.

﴿وَلَيَنْصُرَنَّ اللَّهُ مَنْ يَنْصُرُهُ إِنَّ اللَّهَ لَقَوِيٌّ عَزِيزٌ﴾

«Албетте, Аллах Ага (динине) жардам бергендерди үстөм кылат. Шек-күмөнсүз, Аллах күчтүү, кудуреттүү» [22:40]

**12-жумадулаввал, 1443-х.**

**15-январь, 2022-м**

## Каталониядагы саясий туруксуздуктар!

**Суроо:** *2017-жылдын 19-октябрында «Би-Би-Си» кабар агенттигинин маалыматына ылайык, Испания өкмөт башчысы Мариано Рахой: «Борбордук бийлик Каталония аймагын көзөмөлгө алууга мүмкүндүк бере турган баш мыйзамдагы 155-беренени караштырып чыгуу үчүн Испания өкмөт курамын жыйынга чакыраарын» билдирди. Ал арада Каталония аймагынын өкмөт башчысы Карлес Пучдемон, эгер Испания өкмөтү сүйлөшүүгө барбастан басым кылууну күчөтө берсе, Каталония парламенти Испаниядан бөлүнө турган референдумду колдоп чыгаары тууралуу катты*

*Испания өкмөтүнө жолдоп коркутту. Каталония аймагынын өкмөт башчысы 2017-жылдын 1-октябрында өткөн референдумдан кийин Каталониянын Испаниядан көз карандысыз экендигин жарыялады. Бирок, көз карандысыздыкты ишке ашыруу үчүн сүйлөшүүлөр талап кылынаарын белгилеп өттү. Каталония эмне үчүн Исапания падышасынын, өкмөтүнүн, жогорку сотунун каршылыгына карабастан бул референдумду өткөрдү? Бул маселеге карата эл аралык позиция кандай? Каталониянын өз алдынча болуу мүмкүнчүлүгү канчалык деңгээлде чындыкка жакын? Аллах ыраазы болсун!*

**Жооп:** Жооп түшүнүктүү болушу үчүн биз Каталония вакиъсине жана мурдагы көз карандысыздык үчүн кылган аракетин карап чыгуубуз зарыл. Кийин акыркы референдумдун вакиъсине токтолобуз. Андан кийин бул маселе тууралуу эл аралык позицияны... андан соң бул референдумдун жыйынтыгы канчалык деңгээлде чындыкка жакындыгын карап чыгабыз..

**Биринчиден: Каталониянын тарыхий жана географиялык абалы:**

Каталония Испаниянын түндүк-чыгыш жагында жайгашкан. Аянты 32,1 миң кв. км, тактап айтканда, Испаниянын 0.8 % аймагын түзөт. Анын борбору Барселона. Төрт провинцияны камтыйт: Барселона, Гренада, Ларду жана Таррагона. Калкы 7,5 млн. Жалпы 17 провинциядан турган Испания калкынын 16%ын түзөт. Каталония автономдуу аймак болуп саналат.

Андалусия Ислам мамлекетинин фатхтары учурунда хижрий 95-жылдары Каталония ислам кучагына кирген. Кийин Ислам башкаруусу токтогондон кийин өз алдынча аймак болуп калган. Андан кийин 1714-жылы Испания аны күч менен басып алган. Ошондон бери бул аймактын калкы Испания баскынчылыгынан азат болуу үчүн күрөшүп келет. Өткөн кылымдын 30-жылдарында Испаниянын борбордук бийлигинин аскер башчысы Франко бир тарапта, Каталония аймагынын башчысы экинчи тарапта болуп ортодо жарандык согуш жүргөн. Бул согушта Каталония жеңилгенден кийин Франко алардан өч алуу максатында, алардын тилин расмий тил макамынан ажыраткан. Мектептерде окутулушуна тыюу салган.

Каталониялыктардын кызыкчылыктарын да четке каккан. Франко башында турган репрессиячыл бийлик кулагандан кийин референдум өткөрүлгөн. Калктын 30%ы Испания баш мыйзамынын пайдасына добуш беришкен. Ал баш мыйзамда өлкөнүнүн бүтүндүгү, ошондой эле аймак аймактардан түзүлгөн Испанияда улуттук азчылыктардын өз алдынча башкаруу болушу каралган. 1979-жылы Каталония эли кайрадан өз алдынча өкмөткө ээ болгон. Ушуга негизделип аймакта эки тил расмий болуп бекитилген: испан жана каталон тилдери. Ушундан кийин Каталониянын бөлүнүп чыгуу аракети үстүбүздөгү кылымдын башталышына чейин басаңдай түшкөн. Учурда Каталониянын бөлүнүп чыгуу аракети кайрадан акырындык менен күч ала баштады.

**Экинчиден: Каталониянын Испаниядан бөлүнүп чыгуу аракетинин азыркы учурдагы этабы:**

1 – Бул аракет 2006-жылы башталып, анда жергиликтүү өзүн өзү башкаруу мыйзамына толуктоолор киргизилип ага калктын көпчүлүк бөлүгү добуш берген. Бул өзгөртүүлөр өзүн өзү башкаруу тууралуу ыйгарым укуктарды кеңейтүү жаатында киргизилген. Ушунун катарында Каталониянын элин өзүнчө эл катары тааныган мыйзам чыккан. 2010-жылы Испаниянын жогорку соту бул мыйзамды жокко чыгарган. Анын натыйжасында соттун бул чечимине каршы болгон «Биз элбиз, биз чечебиз» урааны астында митингдер жүз берген. 2012-жылы ноябрда сөлөкөттүү референдум болду. Анда Каталония жашоочуларынын 37%ы Испаниядан бөлүнүүнү жактап добуш беришкен. 2015-жылы январда Каталониянын өкмөт башчысы Артур Мас ошол жылдын сентябрында мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрөрүн жарыя кылды. Мөөнөтүнөн мурда белгиленген шайлоо өткөрүлүп, Испаниядан бөлүнүүнү жактаган улуттук кыймыл көпчүлүк добушка ээ болду жана 72 мандатка ээ болду. Бөлүнүүнү жактабаган тарап болсо 63 мандатка ээ болду. 2015-жылы ноябрда Каталониянын парламентиндеги көпчүлүк «Каталония көз карандысыз мамлекетин түзүү

иштерин баштоо» тууралуу мыйзамды кабыл алууга жетишишти. Испания өкмөтү Испания жогорку сотуна бул мыйзамды жокко чыгаруу боюнча арыз берген. Жогорку сот аны кабыл алган.

2 – 2017-жылдын 9-июнунда көз карандысыздык боюнча кыймыл күчтүү түс алды. Анткени, Каталониянын өкмөт башчысы Карлес 9-июнда Испаниядан бөлүнүү тууралуу, «Каталония республикалык башкаруудагы көз карандысыз мамлекет болуусун каалайсызбу» деген аталыштагы референдумдум 1-октябрда болоорун жарыя кылды. («Новости» сайты, 2017-жыл, 9-июнь). Кийинки күнү Испания өкмөтү Каталониянын өз алдынча болуусуна карышылык көргөзөөрүн билдирди. 9-июнда Каталония парламенти Испаниядан бөлүнүү тууралуу референдумдун негиздери тууралуу мыйзамды жактырды. Буга каршылыгын билдирген Испания өкмөт башчысы Мариано Рахой мындай деди: «Испания өкмөтү Каталониянын автономиялыгын жоюу үчүн баш мыйзамдагы ыйгарым укуктарын колдонот». Испания жогорку соту 2017-жылдын 9-августунда Каталонияга өзүнүн конституциядагы ыйгарым укуктарын колдоно электе референдумду токтотуу талабын койду.

3 – Буга карабастан референдум белгиленген мөөнөтүндө өттү. Шайлоочулардын 90%ы жергиликтүү жашоочулардын 43%ы Испаниядан бөлүнүүнү жактап добуш беришти. Испаниянын падышасы Филипп VI референдум өткөн күндүн артынан эле мындай билдирүү берди: «Бул мыйзамсыз жана демократиялык эмес». Бирок, Каталониянын өкмөт башчысы мындай деди: «Ушул жуманын аягында же наркы жуманын башында Каталониянын көз карандысыздыгы жарыяланат. Испания падышасы Каталонияга Испания баш мыйзамы макулдук берген тынчтыкты кепилдөөчү ортомчу ролун аткаруудан баш тартып жатат». («Би-Би-Си», 2017-жыл, 3-октябрь). Ушундан көрүнүп тургандай, Испания өкмөтү оңтойсуз абалда калды. Референдумду өткөбөй коюуга анын кудурети жетпеди. Референдумга тоскоолдук жаратуу учурунда коопсуздук күчтөрү

менен шайлоочулардын ортосундагы кагылышта 893 жаран жаракат алды. Бул көрүнүш Испан өкмөтүнө каршы коомдук пикирди жаратты. Ошондуктан, Испан өкмөтү Каталониянын өз алдынча болуп кетүүсүнө токоолдук жаратуу үчүн башка жолдорду караштыра баштады. Каталония автономиясына каршы экономикалык кысымды баштады. Эң ири мекемелер жана банктар Каталониядан чыгып кетээрин жарыя кылышты. Испаниядагы эң ири үч банктын бири болгон «CaixaBank» 6-октябрда өзүнүн башкы штабын Каталониянын борбору Барселонадан сыртка көчүрүп кетти. Испан өкмөтү Каталониянын ичинде элдик каршылыкты пайда кылуу максатында 8-октябрда көз карандысыздыкка каршы болгон миңдеген митингчилерди Барселонанын көчөлөрүнө чыгарды.

4– Каталониянын премьери Карлес 10-октябрда парламенттин алдында Каталониянын көз карандысыздыгын жарыя кылды. Бирок, ишке ашырууну кечеңдетип мындай деди: «Мен Каталониянын республикалык башкаруу көрүнүшүндө өз алдынча мамлекет болуусун зарыл деп билем. Көз карандысыздык декларациясын ишке ашырууну, эки тараптуу бир чечимге келүү максатында сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн кечеңдетип турууну сунуштайм». Бирок ал парламенттен көз карандысыздыкты колдой турган ачык бир колдоо тапкан жок. («Евро ньюс», «Рейтер», 2017-жыл, 10-октябрь). Бул дегени Карлес толук көз карандысыздыкты жарыя кылуу менен өзүнө өзү кыйынчылыкты жараткысы келбеди. Анткени, ал муну ишке ашыруу өтө оор жараян экендигин билет. Ал Испан өкмөтү менен сүйөшүүлөрдү өткөрүү жана аны менен кагылышууга баруудан оолак болуу максатында Испан өкмөтүнө карата эшикти ачык калтырды. Ошондуктан, Каталония Испания мамлекетинин курамында калды. Бирок, Каталония маселеси чечилбестен, Испания жана ЕБдин баш оорусу боюнча калды. Качан ыңгайлуу шарт жаралып, өз алдынча болуп кетүү мүмкүнчүлүгү жаралганга чейин абал ушундайча калат.

**Үчүнчүдөн: Каталония маселесине карата эл аралык позицияга келсек. Бул жерде Каталонияга таасир бере турган мамлекеттердин позициясына токтолобуз. Башкача айтканда ЕБ, АКШ жана БУУнун позициясына токтолобуз. Анткени БУУ Американын позициясынан күчтүү таасирленет:**

1– Евро Биримдик Каталониянын өз алдынча болуусуна жана рефендумга ачыктан ачык каршы позицияда болду. Германия, Франция баш болгон ЕБ Испания өкмөтүнүн позициясын колдоого алышты. Германия ТИМинин орун басары Майкл Рот мындай деди: «Испаниянын Каталония аймагында жүз берип жаткан окуялар тычсыздандырарлык. Бөлүнүү бул чечим эмес, бөлүнүү сеператизми эч бир маселени чечпейт. Евро Биримдикке мүчө мамлекеттер принциптерди, демократияны урматтап, мыйзамдын үстөмдүгүн сакташы керек. Биримдиктеги саясий маселелер көчөдө башаламандык кылуунун ордуна сүйлөшүүлөр аркылуу чечилиши керек». («Рейтер», 2017-жыл, 2-октябрь).

Франция өзүнүн позициясын Европа иштери боюнча министри Натали Лоузунун сөзү аркылуу билдирди. Ал мындай деди: «Испаниянын бир аймагы болгон Каталониянын бир жактуу көз карандысыздыкты жарыялоосун Франция эч качан моюнга албайт. Эгер биз көз карандысыздыкты моюнга алсак дагы ал акылга сыярлык иш эмес. Мындай чечим тез арада Каталонияны Евро Биримдиктин тышында калуусуна алып барат». («Рейтер», 2017-жыл, 9-октябрь). Еврокомиссиянын төрөгасы Жан Клод Юнкер Евро Биримдиктин позициясын мындайча билдирди: «Каталония Испания өкмөтүнүн жана жогорку сотунун токтомдорун урматтоосу керек». Ал арада Евро Кеңештин төрөгасы Дональд Туск 2-октябрда өзүнүн твиттердеги баракчасына мындай деп жазды: «Мен Каталония маселесин чечүүдө Испания өкмөт башчысы Рахойдун далилдерин жана абалды оңдоодо күч колдонуудан оолак болгон жолдорду караштырууга болгон чакырыгын толук түрдө колдойм».

2 – Эми Американын позициясына келебиз. Көрүнүп тургандай Каталониянын өкмөтү жана анын өкмөт башчысы Америкадан колдоо алып, ага таянды. Американын тышкы иштер министрлигинин пресс-катчысы Хизер Нойерт мындай деди: «АКШ референдумду өлкөнүн ички иши катары карайт. Ага кийлигишүүгө да умтулбайт. Бул жердеги маселени өкмөт жана ал аймактагы элдер чечиши керек. АКШ маселе чечилгенден кийин кандай өкмөт болсо дагы аны менен иштеше берет». («Аль фажр Миср», 2017-жыл, 16-сентябрь). Бул билдирүүнүн акырында айтылган сөздө Америка көз карандысыздыкты жана референдумду колдоорун билдирип жатат. Башкача айтканда, «маселе чечилгенден кийин Америка кандай гана өкмөт болбосун аны менен иштеше берет» деди. Тактап айтканда биз эгер Каталония аймагы көз карандысыз болууга жетишсе аны моюнга алабыз деген маани. Испания гезити «El Pais»те мындай цитата келтирилген: «Каталония өкмөт башчысы Карлес Пучдемон Америка пресс-катчысынын билдирүүсүн – Американын Каталония калкынын каалоосун жана референдумун колдоосу катары карады».

Анткени, Америка ЕБны чачыратууну максат кылып келет. Ошондой эле ал Британиянын ЕБден чыгуусун да кош колдоп кубаттап, ЕБдеги башка өлкөлөрдү Британиядан үлгү алууга чакырган. Евро Биримдик эл аралык маселелерде Америка менен тең тайлаша турган же ага ташбиш жарата турган күчтүү кубат болуп калышын алдын алууну максат кылат. Америка ЕБдин ичинде аз дегенде ушуга окшош бөлүнүп чыгуу маселелерин жандандырып, аны ички маселелер менен алек кылууну каалап жатат. ЕБдин ичиндеги буга окшогон бөлүнүп чыгууга болгон аракеттер Американын чырагына май тамызат жана анын кызыкчылыгы болуп саналат. Американын Каталониядагы референдум маселесине карата бул позициясы Күрдстандагы референдум маселесиндеги позициясынын тескериси. Анткени, Америка Күрдстандын көз карандысыздыгына жана референдумга ачыктан ачык каршы турган. Аймактагы өзүнө малай мамлекеттери болуп саналган Түркия,

Иран, Иракты Күрдстандын көз карандысыздыгына каршы туруу жана Барзанийге кысым көрсөтүү үчүн аракетке келтирген. Анткени, бул маселе азыркы учурда анын кызыкчылыгына дал келбейт. Айрыкча азыркы учурда Америка Ирактагы негизги кожоюн болуп турган чакта. Британия болсо өзүнүн малай мамлекети Катарга карата Саудия жана Мисрдин ортомчулугу менен киргизилген санкцияларды алып салууга түрткү берүү максатында Барзанини Күрдстанда көз карандысыздык референдумун өткөрүүгө түрттү. Муну менен ал аймакта Америка кызыкчылыгына проблема жаратуу аркылуу Катарга карата киргизилген санкцияларды бир аз бошоңдотууну максат кылган.

3 – Америка көзөмөл кылган БУУнун позициясына токтолобуз. БУУнун Каталония маселесине карата позициясы көз карандысыздыкты жактайт. Анын баш катчысы Антони Гутерреш: «Испаниядагы демократиялык инситуттар борбордук бийлик менен Каталония бийлиги ортосунда жүз берген кризисти чечүү жолун табаарына үмүт артып жаткандыгын» билдирди. Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясынын 72-экинчи сессиясында басма сөз катчысы мындай деди: «Элдердин өз тагдырын белгилөөдөгү укук – негизги укук. Бул укук өлкөнүн аймагындагы принциптер бузулбастан эки тараптуу келишим менен ишке ашуусу зарыл». («Associated Press», 2017-жыл, 3-октябрь). Ушундан көрүнүп тургандай, БУУ Каталониянын көз карандысыздыгын жактай турган позицияда болду. Ал Күрдстан көз карандысызыдыгы жана референдум маселеси жаатында мунун тескери позициясында болгон эле. Анткени, Америка БУУдагы токтомдорду толук түрдө көзөмөл кыла алат.

Жогоруда айтылып өткөн позициялардан көрүнүп тургандай, акыркы учурдагы Каталонияда жүз берген референдум маселесине Америка шыкак берип тургандыгы айкын болду. Анткени, Америка айрыкча Трамптын учурунда Европанын үстүндө кара булут айлантууга өтө кызыкдар. Муну биз жогоруда айтып өттүк.

**Төртүнчүдөн: Бөлүнүп чыгууну ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү:**

Бул иштин жакынкы келечекте ишке ашып кетүүсү өтө арсар. Америка муну каалап жаткан болсо дагы абал ушундай. Америка Каталония сыяктуу маселелерди козгоо аркылуу Евро Биримдиктин аба ырайын бузуп, аны ички иштер менен алек кылууну көздөйт. Мындай иштер бул биримдикти чачыратып жиберүүгө болгон узак мөөнөттүү келечекке карата коюлган пландардан. Бул жерде кандай абал болбосун Испанияда Каталониянын бөлүнүп кетүүсүн кабылдабай турган эки негизги маселе бар. Алар төмөнкүлөр:

1 – Бул аймак кичинекей болгонуна карабастан Испаниянын жалпы улуттук продукциянын 20%ын өндүрөт. Испаниянын сырткы соода транспорт байланышынын 70%ын көзөмөл кылат. Ошондой эле Испан өнөр жайынын үчтөн бирин өндүрөт. Ошондуктан, Каталония жашоочулары өздөрүн алганынан бергени көп катары санашат. Испан өкмөтү аларга ири суммадагы салыктарды салган, салыктын көлөмү аймактын өндүрүшүнүн 10%ына чейин жетип барган. Ушунун баары көз карандысыздык кыйкырыгына салым кошту. Бул бир тараптан, башка тараптан болсо, Испания экономикалык жактан оор кырдаалды башынан кечирип жатат. Бюджеттин тартыштыгы, жумушсуздуктун көптүгү менен кыйналып жаткан учуру. Испания өкмөтү бул көйгөйлөрдү чечүүдө Каталония экономикасына таянат.

2 – Каталониянын бөлүнүп чыгуусу Испанияда жана Испаниядан башка жакта да бөлүнүп чыгууларга алып келет. Ошондуктан, Каталониянын көз карандысыздыкка ээ болуусу мурдатан бери бөлүнүп чыгууга аракет кылып келе жаткан Испаниянын «Basque» аймагына да дем берет. Испаниянын Баск аймагы да Каталонияны бөлүнүп чыгуу аракетин колдоду жана ал да бөлүнүп чыгууга аракет кылаарын ишаара кылды. Антени, андагы бөлүнүп чыгуу аракети дагы эле тирүү бойдон. Баск аймагы «келээрки

жылдын башынан тарта Испаниядан бөлүнүп чыгуу аракетин баштаарын жарыя кылды» («Политика Пост», 2017-жыл, 24-сентябрь).

Баск аймагы узак жылдардан бери бөлүнүп чыгуу үчүн куралдуу каршылык көргөзүү кыймылы болгон «ЕТА»ны жетектеп келген жана мунун натыйжасында бул аймакта жүздөгөн жарандар набыт болуп бийлик тарабынан болгон зулумдуктан забын тартып келишкен. Үч жыл мурун аймактын ыйгарым укуктарын күчтөөгө жетишишкенден кийин «ЕТА» кыймылы куралдарын ташташкан. Демек, Испания аймагында кандайдыр бир бөлүнүп чыгуу жүз берсе анын артынан башкаларына да бул вирус жугаары күтүлгөн маселе. Испаниянын адилет министри мындай абалдан эскертип: «Каталониянын бөлүнүп чыгуусу Испания мамлектинин мамлекет болуп жашашына чекит коё турган маселе болуп калышынан өтө корком. Анткени, Каталониянын көз карандысыз болуп кетиши «домино» сыяктуу биринчи катар болуп калса, башка катары ага утурлай кулайт». («Аль жазиира», 2017-жыл, 2-октябрь).

**Ошондуктан Испания кандай гана абал болбосун Каталониянын бөлүнүп чыгып кетүүсүнө жол бербейт. Испан өкмөтү Каталониянын бөлүнүп чыгуу аракетин баардык ыкмалар менен токтото албай калса, 155-беренени ишке салуу менен аймактын ыйгарым укуктарын токтотуп, автономиялуулугун жоюп салуу менен коркутат. («Би-Би-Си», 2017-жылы 19-октябрдагы Испан өкмөт башчысынын аппаратынын билдирүүсүнө таянган маалыматы)...**

3 – Эгер, Евро Биримдикте бөлүнүп чыгуу пикири жайыла турган болсо, анын чачырап кетиши өтө эле тездик менен ишке ашат. Айрыкча иш жүзүндө бөлүнүү жүз бере турган болсо Евро Биримдик тездик менен кулайт... Францияда да бөлүнүп чыгуу аракети күчөйт. Анткени Каталония жана Баск аймагы Франция менен Испаниянын ортосунда жайгашкан. Корсик аралы да Франциядан бөлүнүп чыгууну каалайт. Алар Каталониянын ийгилигин күтүп турушат. Италияда, Белгияда ж.б. Европа өлкөлөрүндө да

бөлүнүп чыгууну көздөгөн сеператисттик кыймылдар бар. Ушунун баары Евро Биримдикке коркунуч жаратат. Ансыз да Евро Биримдик Британиянын улутчулдук менен бөлүнүп чыгуусунан жабыркап турат.

**Ушунун баары Каталониянын чыныгы бөлүнүп чыгуусунун ишке ашышын артка сүрө турган жагдайлар. Бул жеке эле Испанияга коркунч эмес, бүтүндөй Евро Биримдикке коркунуч жарата турган маселе.**

Көрүнүп тургандай Каталониянын өкмөт башчысы өзүн эл аралык жактан гана эмес, аймакта да жардамсыз калганын түшүндү. Анткени, ага аймактагы элдин бир бөлүгү каршы чыга баштады. Ошондуктан, көз карандысыздыкты жарыя кылуу жарым жартылай болду. Каталония өкмөт башчысы көз карандысыздыктын декларациясын толук ишке ашыруу сүйлөшүүлөрдү өткөрүү менен болоорун билдирип кетенчиктеди. Толук көз карандысыз болуу үчүн келечекте боло турган ыңгайлуу учурду күтүү керек экенин айтты. Бөлүнүп чыгуу Испаниянын же Евро Биримдиктин тагдырына балта чабабы айырмасы жок, ыңгайлуу учурду күтүүгө такалды.

Ал тургай Каталонияга шыкак берип жаткан Америка да Испаниянын Евро Биримдикке таянуу менен күчтүү позицияда тургандыгын көргөндөн кийин басаңдай түштү. Ошондуктан, Каталониянын көз карандысыздыгы тууралуу Американын оюн билүү үчүн Америкага барган Испания өкмөт башчысы Рахой Америка президенти Трамп менен жолуккандан кийин, Трамп пресс-конференцияда мындай деди: «Биз чоң мамлекет менен алака кылабыз, ал бирдиктүү калышы зарыл». («Шархул Мисрия», 2017-жыл, 27-сентябрь). Демек, Каталония өкмөт башчысы Трамп убадасына каршы иш кылган шайтан экендигин түшүнүшү керек.

***«(Шайтан)** **аларга убадаларды берет, аларды куру кыялдарга салып коёт. Акыбетте шайтан берген убадалар бүт бойдон жалган-азгырык болуп чыгат»*** [4:120]

Бирок, Америка ошого карабастан Европага каршы айла-амалын иштете берет. Качан Европа боюнча анын убадасына жооп бере турган киши тапканча абал ушундайча улана берет…!

Бешинчиден: мына ушундайча улутчулдук – капиталисттик түзүмдүн ээлерин талкалоочу нерсе, айрыкча Европаны. Европанын алсырашы анын биримдигинин алысырашына жана сырткы саясатта алсырашына алып келет. Анткени, капиталисттик түзүм улутчулдук маселесин чече алган эмес жана эч качан чече албайт... Бул түзүм динди турмуштан бөлгөндүгү себептүү түпкү негизинен баштап бузук. Акча, байлык, мансап менен айырмаланып турган капиталист башкаруучулар өкүм жүргүзгөн демократиясы менен бузук түзүм. Ал динге каршы туруп, адамдарды динине, улутуна, расасына карап бөлүп басмырлаганы менен бузук түзүм. Бул нерсе Америка менен Европада айдан ачык эле жүз берип жаткан көрүнүштөр.

Адамдар тарабынан түзүлгөн мындай түзүмдөрдүн баардыгы зулумдук, адилетсиздик, бузукулуктан, адамдардын жана өлкөлөрдүн бири бирине кулчулугунан куткара албайт. Мунун баарынан Аллах түшүргөн Ислам гана куткара алат. Бир гана Ислам адамдардын ортосунда адилетүүлүк жана акыйкатты орнотууга кудуреттүү. Аллах гана жараткан махлуктарынын иштери эмне менен оңдолоорун жакшы билет.

***«****(Акыры)* ***жараткан Зат*** *(Өзү жоктон бар кылган нерселерди)* ***билбейби?! Ал мээримдүү жана*** *(ар нерседен)* ***кабардар Зат»*** [67:14]

Ислам гана адамдарды бир казанда бириктире алат жана бардык улутчулдук, расалык бөлүнүүлөргө чек коёт. Анткени, ал улутчулдук, расачылдык, мекенчилдик сыяктуу бөлүнүүлөрдү арам кылган жана ага каршы чарчабастан күрөшөт.

Ислам гана адамдардын динине, расасына, өңү-түсүнө, эркек-аялына карап айырмалабастан, бардыгына бирдей адилетүүлүктү камсыздап берет. Ал адамдардын ортосунда алака кылууда адамдардын баары бирдей деген көз караш менен карайт жана алардын баарына адилетүүлүктү кепилдейт…

Имам Ахмаддын муснадында, Исмаил бизге айтты: Сайид Худрий Аби Надраттан бизге айтты: Ташриик күнүнүн орто ченинде Пайгамбар с.а.в айтты:

**«Эй адамдар билип койгула! Роббиңер бир, атаңар бир, арабдын араб эместен артыкчылыгы жок, араб эместин арабдан артыкчылыгы жок, кызылдын карадан артыкчылыгы жок, каранын кызылдан артыкчылыгы жок. Бир гана таквалык менен артыкчылык болот. Жеткирдимби?».** Айтышты: Жеткирдиң, эй Расулуллах с.а.в.

***«Акыйкаттан кийин адашуу гана бар, каякка карай баратасыңар?!»*** [10:32]

**29-мухаррам, 1439-х.**

**19-октябрь, 2017-м.**

## Катар боюнча берилген суроолорго жооптор

## Катардын "Араб жазына" карата жоомарттык кылышынын артында эмне турат?

**Суроо:** ***Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, Катардын "Араб жазына" карата жоомарттык кылышынын артында эмне турат?***

**Жооп:** ва алайкумус салам ва рохматуллохи ва барокатух

Бир тууганым, Сирия азыркы кезде эң кызуу күрөш майданы болуп саналат:

а) Сирия Хафиз жана Башардан бери Америка таасири астындагы аймак. Америка окуялардын өнүгүүсүнө карап, Башардын кулаган адамдан айырмасы жок болуп калганын, адамдар аны кабыл албай жатышканын, жада калса, ал Америка кызыкчылыктарын мурункудай кылып жүзөгө чыгарып бере албай жатканын анык билди. Ошондуктан, ал азыр "улуттук кеңеш", "улуттук коалиция"дагы сыяктуу өз адамдарын даярдоо аркылуу азыркы малайынын ордуна башка малай пайда кылуу үчүн иш алып барууда.

б) Америка даярдаган кимселер “светский” жарандык мамлекетти каалап жатышкандыктан, алар ичкериде кабыл алынбады. Анткени, ичкеридеги адамдардын туйгулары исламий. Алар ушунчалык курбандыктарды мурункудай эле режимдин кайтып келиши үчүн о.э. орун алмаштыруу үчүн беришкен жок. Ушундан улам, буларды ичкеридеги инсандар кабыл албай жатышат. Кала берсе, Америка тарабынан “жасалган” кимселер ал жердеги адамдардын талаптарына бүтүндөй жат. Ошондуктан, Америка ичкеридеги инсандарды баш ийдирип, андан кийин аларды четтен даярдалып келинген адамдарды кабыл алдыруу максатында, түз же кыйыр түрдө Башардын кыргындары үчүн жашыл чыракты жагып койду. Эми Америка дагы башкачараак жол тутунуп, бир канча шылтоолорду бетке кармап, тыштан келе турган адамдарды тыгыштыруу үчүн аскерий аралашууга аракет кылмакта. Эгер Башар жана анын шериктери кылып жаткан кыргындар аркылуу ошол кимселерди кабыл алууга адамдарды моюн сундура албаса, анда ушинтмекчи болуп жатат.

в) Европа болсо бу режимдин Америкага тиешелүү экенин билип турат. Ушундан улам, Европа т.а. Британия менен Франция аймактагы, өзгөчө, Катардагы малайлары аркылуу бирер ролго ээ болуп калууга бүткүл мүмкүнчүлүктөрүн сарпташууда. Себеби, анын “кеңеш” менен “коалиция”дагы о.э. ичкеридеги айрым адамдарды сатып алууга жетерлик каражаты бар, муну менен, кийин ал Америка башкара турган ар кандай чечимде – кичине болсо да – бут коёрго жер таба алат.

г) Америка пландаштырып жаткан жана Европа пландаштырып жаткан нерсе мына ушу. Себеби, Америка чечимдерди Россия менен бирге башкарып, Европаны болсо өздөрүнүн артынан жүгүрө турган кылып койду. Ошон үчүн Керри Россия тышкы иштер министри менен жыйналыш өткөрүп жатат. Британия премьер-министри болсо алардын эмне кылып жатканынан кабардар болуу үчүн Россия менен Америкага алардын аркасынан желе-жорто жетип баруудa! Европа да Американын аны бирер чечимге шерик

кылгысы келбей жатканын түшүнүп турат. Ошондуктан ал т.а. “Британия менен Франция” Америкага каршы – Европа союзу жыйналыштары аркылуу түздөн-түзбү же аймакта көбүрөөк бай болгон Катардагы малайлары аркылуубу – катуу калайман көтөрүп, Американын чечим жаатындагы пландарын бузмакчы болуп жатат. Катар Европанын, айрыкча, Британиянын кызыкчылыктары үчүн, бул нерсени Сирияда эле эмес, балким региондогу башка мамлекеттерде да кылууда.

д) Үммөттүн жана Үммөт ичиндеги мухлис мусулмандардын ролуна келсек, алар Америка, Европа жана алардын малайларынын арамза максаттары ишке ашуусуна жол бербеши керек, бул эле эмес, Үммөт Хилафатка эч бир альтернативаны кабыл албашы керек. Анткени, ал залим режимдин ордуна Ислам түзүмүн коюу үчүн пакиза кандар жана улуу курбандыктар берди. Хилафаттан башка ар бир нерсенин жамандык экени анык. Өткөөл өкмөт да, убактылуу өкмөт да, Женева 1 же Женева 2 да, бу Үммөткө эч бир жакшылык алып келбейт, Америка менен анын союздаштары аларды мактап-жакташып, алар аркылуу Исламга жана мусулмандарга каршы жашыруун жана ашкере айла-амал торун токушат.

قَدْ بَدَتِ الْبَغْضَاء مِنْ أَفْوَاهِهِمْ وَمَا تُخْفِي صُدُورُهُمْ أَكْبَرُ

- Алардын силерди жаман көрүүлөрү ооздорунан ашкере болду. Дилдериндеги душмандыктары болсо мындан да чоңураак. [3:118]

Америка менен анын союздаштары Башардын ордуна ага окшогон, алардын кызыкчылыктарын жана жөөттөрдүн коопсуздугун куду Хафиз, Башар жана алардын топтору коргоп бергендей камсыздап бере турган башка бир малай табууга токтом кылып, бардык айла-амалдарын ушуга каратышкан. Алар алтернатив малай чыгарып алганга чейин Башардын кыргын кыла беришине шарт түзүп беришүүдө. Лекин алар бу Үммөттүн улуулугун билбей жатышат. Бу Үммөттүн белинде, залимдер каалабаса да, жерди абад кыла турган жана мунафыктардын айла-амалына карабай эгин-тегин жана жан-жаныбарларды көбөйтө турган чыныгы эркектер бар. Бу

Үммөт мурун да аларга окшогон акмак үйүрлөрдү т.а. жер жүзүнө фасад таркаткан, кыргын жана кыйратуулар кылган кресттүүлөр менен монгол-татарларды көргөн. Үммөт аларды жеңип чыгып, артка кууп таштаган. Үммөт кайтадан жандана баштады. Душмандары ойлобогон тараптан келип, аларды жексен кылууда жана инсандар үчүн чыгарылган эң тандалма Үммөткө айланууда.

- (Эй Мухаммад үммөтү), адамдар үчүн чыгарылган улуттардын эң жакшысы болдуңар. Анткени, силер жакшы иштерге буюрасыңар, жаман иштерден кайтарасыңар жана Аллахка ыйман келтиресиңер. Эгер ахли китептер да ыйман келтирген барбы, өздөрү үчүн жакшы болмок. Алардын момундары да бар жана (бирок) алардын көптөрү фасик кимселер. [3:110]

**23-ражаб 1434-х.**

**2-июнь 2013-м.**

### Катар кризисин ким пайда кылды?

**Суроо:** *Трамп 2017-жылдын 9-июнунда Ак үйдө Румыния президенти менен берген пресс-конференцияда мындай деди: «Саммиттин бардык катышуучулары терроризмди каржылоо, аскерий, маанавий жактан болобу айырмасы жок, аны колдоого алууну токтотууга келишишти. Тилекке каршы, Катар мамлекетинин терроризмди жогорку деңгээлде каржылап келүүсүнүн узун тарыхы бар. Самиттин алкагында бардык өлкөлөр Катарга каршы туруу боюнча бир пикирге келиштик. Террористтерди каржылоого чек коюу биздин милдет. Тышкы иштер министри жана Америка армиясынын генералдары менен Катардын терроризмди каржылоосун токтотууга чакырган токтом кабыл алдым». («Седьмой день». 2017.06.09). Бул Саудия менен Катар ортосунда болуп жаткан кризисти Трамп кылып жаткандыгын билдиреби? Эгер ушул туура болсо, эмне үчүн Трамп Американын эң ири аскерий базасы жайгашкан Катарды мындай кризиске кептеп жатат? Кийин ММКлар Саудия менен Катар ортосунда жүз берген кризистин себебин Катардын Иран, Ихван, Хамас менен болгон алакасына*

*байланыштырышты... Трамптын билдирүүсү менен ММКлардын берген маалыматындагы шайкешсиздикти кандай түшүнөбүз? Бул кризис Катарды Булуң мамлекеттеринин биримдигинен чыгарууга же «куугунтуктоого» алып барабы?*

**Жооп:** Биринчиден: Ооба кризисти Америка пайда кылды. Башкача айтканда, Америка президенти Трамп пайда кылды. Муну баяндоо үчүн суроонун аягынан баштайбыз: Айрымдар Булуң мамлекеттеринде жүз берген кризис ММКлар чагылдырып жаткандай Катар «Мусулман агайындар», «Хамас», Иран менен стратегиялык жактан кызматташуусу себептүү келип чыкты деп ойлоп жатышат... Кээ бирлери болсо кризистин акыйкаты тээ жетимишинчи жылдары БАЭ мамлекетин негиздөө учурунда Аль Хамад династиясы менен Аль Заид династиясы ортосундагы карама-каршылыктардан келип чыкты, ошондуктан, Саудия өзүнүн союздашы БАЭ тарапка туруп, Катарга басым кылып жатат дешет... Ошондой эле кээ бир жазмакерлер Катарды камоого алып, кризиске кептөө «Израилге» байланыштуу деп жазышты. Мисалы, Джейк Новак «CNBC» каналына мындай деди: «Көрүнүп тургандай, Саудия менен Катардын ортосунда жүз берген кризис Иран себептүү чыкты. Анткени, Саудия Ортоңку Чыгыштагы Ирандын таасирин азайтууга аябай кызыкдар. Бир аз терең назар салып карай турган болсок, Катар белгилүү бир учурда башка мамлекет «Израил» менен кызматашканы айкын болот» («Арабий 21». 2017.06.07). Бирок, бул кризиске тереңирээк назар салып карасак, жогоруда айтылып өткөн себептердин баары акыйкаттан алыс экендиги ачыкталат. Ошондой эле, бул кризис жаңы эле пайда боло калбастан, Катар мурдатан бул абал менен алп урушуп келе жатат. Катардын Иран менен жакындашкандыгы белгилүү. Ошондой эле, анын Хамас менен болгон алакасы да айдан ачык. Катардын Палестинаны басып алган «Израиль», Саудия, БАЭ менен болгон алакалары да жашыруун эмес. Ал тургай, булардын ортосундагы алака урuулар ортосундагы алакадан да жакын болуп келген... Бул алакалардын баары кризистен мурда болгон

жана кризистен кийин да уланып жатат. Андыктан, жогоруда айтылган нерселер кризистин чыныгы себеби эмес.

Экинчиден: Кризистин чыныгы себеби – башында айтылып өткөндөй – Америка, тагыраагы, Трамп. Муну төмөндө баяндап өтөбүз:

1. 21-кылымдын башталышы менен кичинекей Катар аймактагы Британия саясатынын негизги чордону болуп калды. Ошол себептен, «Аль жазира» телеканалы аймакта Америка жана анын малайларынын саясатына көйгөй жарата турган медиага айланды. Буга кошумча Катар саясий каржы булагы болуп калды. Бул саясий күчтөрдү өзүнө тарта турган саясий магнитке айланды... Катар ушул эки иш менен ири ийгиликке жетишти. Айрыкча, Палестина, Миср, Тунис, Ливиядагы «мутадил» (мээлүүн) деп аталаган Исламий кыймылдарды өзүнө тартуу жаатында ийгиликке жетишти. Америка жана анын малайларынын саясатына тоскоолдук жаратуу үчүн Катардын борбору Доха – бул исламий кыймылдардын жетекчилери чогулуп, план түзө турган борборго айланды... Британия адатынча сыртынан Америка менен бирге, ичинен болсо ага көйгөй жаратып турат. Катар Британиянын бул оюнун эң көркөм түстө ойноду. Ал 1991-жылы Американын борбордук командачылыгынын штаб-квартирасы (ЦРУ) катары саналган көптөтөгөн аскерий базаларды өз аймагына жайгаштырган. Бул базалар стратегиялык аба базасы катары роль ойногон. Бул аба базалардан Американын учактары Ооганстан, Ирак, Сирия, Йемендеги мусулмандарды кыргын кылуу үчүн көтөрүлүп турду. Ошол эле маалда Бртитания Катарды аймактагы өзүнүн негизги саясий чордону катары пайдаланууга урунуп келди. Ушул кылымдын башталышында Катар Британия сызып берген пландын негизинде кызмат кылып, бул роль гүлдөй баштады. Ошондуктан, Америка Катардын бул ролун кысымга ала баштады. Анын кысым кылуусу «Аль жазаира» телеканалынын штаб-квартирасын бомбалоону караштыруусуна чейин жетип барды. 2005.11.22 «DW» кабар агенттигинин маалыматына ылайык, Кичүү Буш «Аль жазиира» телеканалынын штаб-квартирасын бомбалоону талкууга

алды. Британиянын «Daily Mirror» гезити Британия өкмөт башына караштуу «жашыруун» маалымат тууралуу басып чыкты. Маалыматта: «Америка президенти Жорж Буш 2004-жылы Катардагы «Аль жазиира» телеканалынын штаб-квартирасын бомбалоо тууралуу пикирлегени айтылат. («DW». 2005.11.22). Булуңдагы бул абал Саудияда Салман бийликке келгенге чейин уланды. Ал бийликке келиши менен Саудия Америка малайына айланды. Ошол учурдан баштап Обама админстрациясы Катардын ролун Саудияга тапшырууну караштыра баштады. Бир тараптан Американын жаңы планы негизинде иш алып баруусун да караштырды... Ошондон кийин Америка малайы болгон Салмандын ролун күчөтүп, Катардын ролун бүтүндөй жок кыла турган карама-каршылыктар Катар менен Саудия ортосунда орун алды... Бул жылдын башында Америка президенти болуп Трамп келгенден баштап, Американын тышкы саясаты көптөгөн мамлекеттер менен катаал мүнөздө алып барыла баштады. Анын ичинде Катар дагы бар.

2. Трамптын 2017-жылдын 21-20-майда Саудияга болгон иш-сапарында элүүдөн ашык өлкө башчылары жыйналды жана Катардын терроризмди каржылап жатканы тилге алынды. Катар Британиянын ишарасы менен Америка Саудиянын ролун күчөтүп, Булуң аймагында Катардын ролун жок кылууну, мунун натыйжасында Британия таасирине сокку берүүнү көздөп жатканын билди. Буга жооп катары Катардын эмири Эр-Рияддан кайтып келгенден кийин билдирүү берди. Катар кабар агенттиги 2017.05.23. Катар эмири Тамим Аль-Санинин билдирүүсүн басып чыкты: «Америка президентинин иш сапарына удаа эле Катарга терроризмди каржылап жатат деген куру доомат артылды... Биз бул куру дооматты бүтүндөй четке кагабыз... Ихванул муслимин жамаатын террористтик жамаат деп сыпаттоо менен бизди терроризмди каржылоого алып жатат деп куру доомат артууга эч кимдин укугу жок. Миср, БАЭ, Бахрейндин Катарга карата айтып жаткан дооматтарын артка кайтаруусун талап кылам... Биздин Америка менен болгон тыгыз кызматташтыгыбыз Америка президентинин аша чапкан

билдирүүсү себептүү бузулбашы керек. Катардагы көптөгөн Америка базалары Катарды кошуна мамлекеттердин дымагынан коргоп эле калбастан, ал Булуң аймагында Американын аскерий жактан таасир өткөрүшүнө бирден бир өбөлгө түзүп берет. Катар эч бир терроризм, экстремизмди тааныбайт жана аны колдоого албайт. Ал Палестина элинин мыйзамдуу өкүлү болгон Хамас менен Израиль ортосунда тынчтыкты калыбына келтирүүдө, эки тарапты байма-бай байланыштыруу аркылуу иш жүзүнө ашырууга абдан кызыкдар. Катар бир убакта Америка жана Иран менен бекем алака орнотуу аркылуу ийгиликке жетишти. Иран аймакта таасирге ээ. Ошондуктан, аны бей капар калтыруу жана аны менен эскалацияга баруу туура эмес...». Катар эмиринин бул билдирүүсүндө көрүнүп тургандай, Катарга карата кризисти келтирип чыгаруунун артында, Катарды терроризмди каржылайт деген куру жалаа менен Трамп тургандыгы айдан ачык. Трамп мусулман өлкөлөрүнүн башчылары менен саммит өткөрүп, анын артынан эле бул өлкөлөрдүн башчыларын Америка максаттарына карай жетектегенин көргөзүүгө ашыкты. Трамп бул өлкөлөрдүн кээ бир башчылары Катарды терроризмди колдоого алып жаткандыгына да ишаара кылып өттү. Мына ушундайча, Катар Трампка каршы жооп катары билдирүү берди. Ошондой эле Катар Трампка каршы козголгон соттук иш-чаранын натыйжасында, анын бийликтен кетишин каалап жатканын да ишара кылды.

3. Саудияга Ислам ааламынын 55 рувайбиза акимдердин жыйналышы, аймакта Американын кызыкчылыгын ишке ашырууга, Саудияны жетекчилик кылууга даярдап жатканын көрсөтүп турат. Бул Вашингтондун анык планы болчу. Америка бир тараптан Иран коркунучун шылтоо кылып, аймактагы бул өлкөлөрдүн нефтилерин өз карамагында калтырууну каалап жатат. Дагы бир тараптан Британия таасирин Булуң аймагынан сүрүп чыгаруу үчүн Булуң мамлекеттерин Саудия жетегине түртүүнү каалады. Башкача айтканда, Америка саясаты артында жүрүүлөрүн каалады. Ошондуктан, Саудия аймакта өзүнүн жетегине моюн толгогондорду кысымга ала баштады. Анын

көзү алгач эле Катарга тигилди. Катарды кыйын абалга кептей турган учурду күттү. Ошондуктан, 2017.05.23 Катар кабар агенттиги тараткан маалыматка, тагыраагы, Катардын Саудия жана Америкага каршы берген билдирүүсүнө Саудия катуу жооп кайтарды. Катар кабар агенттиги хакердик чабуулга кабылгандыгын жүйө кармап кечирим сураганына да карабады. Саудия, Катар кабар агенттиги хакердик чабуулга кабылганыдыгына эч кандай көңүл бурбады. Тескерисинче, Катарды Саудиянын саясатын жана Америка Салманга сызып берген ролун кабыл албай жатат деп түшүндү. Мына ошондуктан, Катар менен Саудия ортосунда кризис келип чыкты. Саудия айла амалын ишке салып Катар менен болгон алакасын үзөөрүн жарыя кылды. Башкача айтканда, Катар Саудиянын Булуң мамлекеттерине жетекчилик кылуусуна каршы чыгып жатат деген негизде аны кысымга алууга өттү. Саудиянын бул иш аракети Трамп админстрациясынын позициясын чагылдырып турду. Саудия 2014.03.05. Катарга карата катуу кысым кылып, Катардан элчилерин алып чыгып кеткен. Катарга карата кысымды күчөтүү максатында аны блокада кылуу жараянын баштады. Саудиянын Америка жолунан барышы Катарды коркутуу менен коштолду. Катардын дипломаттарына 48 сааттын ичинде Саудиядан чыгып кетүүлөрүн талап кылды. Саудия Катарды коркууга салууда Америка жолу менен барды. Саудиянын бул кадамдарына Миср да Катардын жарандык тик учактарына карата уруксат сурамайын өз өлкөсүнө кирүүсүнө тыюу салуу менен кошулду. Мына ушундайча, башка Булуң өлкөлөрү да Саудия менен бирге Катарга каршы турушту.

Катар өзүнө карата кылынып жаткан бул бойкот кылуу токтомунан кийин эсеңгиреп калды. Себеби, ал мындай болот деп күткөн эмес болчу. Катардын ТИМи Мухаммад бин Абду Рахман Ал Саани «Би Би Си» кабар агенттигине берген маегинде мындай деди: «Катарга карата кылынып жаткан бул бойкот үрөй учурган иш чара болду. Болуп өткөн окуя бул аймактагы үч мамлекет тарабынан Катарга каршы кылынды. Катарга жана анын элине

карата бойкот кылынды...». Катар Америкага же анын Саудия сыяктуу малайларына теңеле албайт. Бирок, Саудиянын артынан шыкак берип турган ири мамлекет бар. Ошондуктан ал мындай ишти кылууга даай алды. Ал эми, Катар көмүскөдө же ачыктан ачык Британия саясаты негизинде жүрөт! Британиянын максаты, Булуң аймагында Америка таасирине жолтоо болуу жана анын планын иштен чыгаруу. Ошондуктан, ал өз малайы Катардын бул ишти кылуусуна шыкак берип турат. Британия Катарга карата мындай үрөй учурган каршы жооп болот деп күткөн эмес. Ал Катарга каршы аракет катуу таасир берүүчү чабуул болбостон, 2014-жылдагыдай элчилерди алып чыгып кетүү менен эле токтойт деп ойлогон. Айрыкча Катар Американын ири базаларынын негизинде коргонгондуктан ушундай ойлогон. Ошондуктан Катардын эмири 2017.05.23. Катар кабар агенттигинде жасаган билдирүүсү өчүрүлүп, бул билдирүүсүн сайттын хакердик чабуулга кабылгандыгы менен байланыштырды. Анда мындай деп келген: «Американын Катардагы көптөгөн базалары Катарды коңшу мамлекеттердин дымагынан коргоого алып турат. Бирок, бул базалар Американын бул аймакта аскерий жактан таасир өткөрүүдөгү бирден бир таянычы болуп саналат». Башкача айтканда, Катар бул базаларга таянуу менен бирге Америка жана анын малайларынын аймактагы саясатын «Аль жазиира» телеканалы аркылуу проблемага салууну улантып келген. Катар өзүнүн аймагында Америка үчүн ири базаларды ачып бергендигине таянуу менен Америка саясатына көйгөй жаратып турган. Америка буга карата унчукпай келген! Ошондуктан, Катар өзүнө карата кылынган бул жолкудай катуу иш чараларды күткөн эмес.

4. Азыркы кризистин чыныгы себеби бул Трамптын Салманга карата берген жаңы ролу. Саудия Булуң аймагын өзү көзөмөл кылып, Америка саясатын ишке ашырып берүүнү жана Британиянын кайсы бир малайы Америка саясатына маселе жаратышына жол бербөөнү максат кылган. Анткени, Британия Булуң аймагында Америка саясатына тоскоолдук жаратып, Британия кызыкчылыгын ишке ашырып берүү жол картасын

Катарга тапшырган... Ошондуктан, Катарга карата болуп көрбөгөндөй катуу кысым кылынды. Бул кризисти келтирип чыгарууда Салмандын артында шыкак берип турган Трамп болду. Алар муну жашырышкан деле жок. Балким, акырындык менен окуянын уланышына жараша ачып барышты. 2017.06.06. «Арабия нет» Америка админстрациясынын жогорку жооптууларынын биринин «Reuters» агенттигиндеги сөзүн басып чыкты: «Катардын көптөгөн иш аракеттери Булуңдагы коңшуларын жана АКШны тынчсыздандырып келген». Ушул эле кабар агенттиги дүйшөмбү күнү Америка жооптуусунун сөзүн басып чыкты: «АКШ Булуң мамлекеттеринин ортосунда «туруктуу ажырым» болушун каалабайт». Бул билдирүү Булуң жана араб мамлекеттери Катарды Исламий жамааттар жана Иран менен тыгыз кызматташып жатат деген жүйө менен Катардан алакаларын үзүп койгондон кийин айтылды. Жооптуу адам мындай деп кошумчалады: «Катардын көптөгөн иш аракети Булуңдагы коңшуларын эле тынчсыздандырбастан АКШны да тынчсыздандырып жатканы талашсыз. Аларды туура жакка багыттоону калайбыз». 2017.06.06. «Би Би Си» кабар агенттигинин маалыматында, Америка президенти Трамптын Булуң мамлекеттерине болгон акыркы иш-сапары араб өлкөлөрүнүн Катар менен алакаларын үзүү токтомуна таасири бар экендигин билдирди. Трамп бул иш сапар алкагында расмий Доха «радикалдык идеологияга» колдоо көргөзүп жаткандыгы боюнча маалымат алгандыгын билдирди. Ал твиттердеги расмий баракчасында мындай деп жазды: «Ортоңку Чыгышка болгон акыркы расмий иш-сапардын алкагында, мындан ары радикал идеологияны каржылоону улантуу мүмкүн эмес экендигин айттым». Катар жетекчилерине ишара кылып мындай деп жазды: «Менин акыркы учурдагы Саудияга болгон иш сапарым жана ал жерде 50дөн ашык өлкө жетекчилери менен жоолугушуум өтө жакшы жыйынтыктарды берди. Алар экстремизмди каржылагандарга каршы катаал чаралар менен иш жүргүзө тургандыктарын айтышты. Бардык ишаралар Катарга каратылып жатты. Мүмкүн бул иш-

чаралар терроризм коркунучун таратып жаткандарга чекит коёт». Кийин 2017-жылдын 9-июнунда берген Трамптын билдирүүсү, Саудиянын бул кризисти чыгаруусунун артында Америка тургандыгын айгинелеп койду. Трамп мындай деди: «Саммитке катышкандардын бардыгы терроризмди колдоого чек коё турган келишимди бир добуштан колдошту. Катар терроризмди каржылоосун тез арада токтотуусу зарыл. Саудиянын борбор калаасы Эр-Рияддa болгон саммит терроризмдин жайылуусуна чек коё турган иш-чара болуп калаарына үмүттөнөм». Ал Ак үйдө Румыния президенти менен бирге берген пресс-конференцияда буга кошумчалап мындай деди: «Катар терроризмди каржылап келгендигинин узун тарыхы бар». («Sky News Арабия». 2017.06.09). Америка президенти Трамп, «Самиттин бардык катышуучулары терроризмди каржылоо, аскерий, маанавий жактан болобу айырмасы жок, аны колдоого алууну токтотууга келишишти. Тилекке каршы, Катар мамлекетинин терроризмди жогорку деңгээлде каржылап келүүсүнүн узун тарыхы бар. Самиттин алкагында бардык өлкөлөр Катарга каршы туруу боюнча бир пикирге келиштик. Биз терроризмди каржылоону токтотуубуз зарыл. Мен ТИМ жана Америка армиясынын генералдары менен бирге Катардын терроризмди каржылоосун токтотууга чаккыра турган токтом кабыл алдым»,- деди. («Седьмой день». 2017.06.09).

5. Ал эми «Катар кризиси» кайсы тарапка карай уланышына келсек, ал мындай: Катар – Саудия, Миср сыяктуу Америка малайлары болгон жана Британия жолу негизинде роль бөлүшүп калуу үчүн алар менен бирге жүрүп жаткан Бахрейн, БАЭ сыяктуу өлкөлөрдүн өзүнө каршы коюлган позициясынан шок абалда калды. 2017.04.09 суроо-жоопто айтылып өткөндөй: «... ушуну менен айкын болуп тургандай, Британия өз малайларына карата карама-каршы багытта ролдорду бөлүштүрүп берет. Бирок, натыйжада Британия кызыкчылыгы ишке ашат. Британия аймакта өз малайларын бир багытта койбойт...». Айтып өткөнүбүздөй, Катар эскалация

мынчалык үрөй учурган деңгээлде болот деп күткөн эмес... Саудиянын кадамдары Катарды шок кыла турган деңгээлде болду. Катардын дипломаттарына Саудиядан чыгып кетүүлөрү үчүн 48 саат гана мөөнөт берди. Саудиянын Америка көргөзмөсү менен кылган кадамына Миср да келип кошулду. Ал Катардын жарандык учактары алдын ала эскертпестен туруп Мисрге кирүүсүнө тыюу салды. Мына ушундай көрүнүштө Саудиянын Катарга каршы кадамдарына башка өлкөлөр да кошулду.

6. Ал эми бул кризис Катардын Булуң мамлекеттеринин биримдигинен чыгып кетүүсүнө алып келеби дегенге суроого токтолсок, мындай абал «дартты күйгүзүү» аркылуу дабалоо керек болсо гана ишке ашуусу мүмкүн. Бирок, негизинен дартты башка жол менен дабалоо мүмкүнчүлүгү али да болсо бар... Америка менен алакасы болгон эл аралык күчтөр, башкача айтканда, Америка жана Британия экөө тең кызыкчылыктары ар түрдүү болгонуна карабастан, Катардын Булуң биримдигинде калуусуна кызыкдар. Америка жогоруда айтып өткөнүбүздөй Катар Саудия жетекчилиги астында болуусун каалап жатат. Тактап айтканда, Америка – Катар Америка кызыкчылыгына каршы маселе жаратпоосун жана андагы Америка базаларына карата кысым болбостон туруктуу сакталуусун каалап жатат. Америка Катардын артында Британия тургандыгын да абдан жашкы билет. Эгер Катар Булуң мамлекеттеринин биримдигинен чыгып кетсе, ар түрдү ыкмалар менен Американын андагы базаларына карата мүшкүлдөрдү келтирип чыгарышын да түшүнөт. Мына ушундайча, Америка Катарды Саудия жетеги астында Америка кызыкчылыгын ишке ашырып, ошол эле маалда Булуң биримдигинде калуусун да каалап жатат...

Ал эми, Британия Катардын Булуң мамлекеттеринин биримдигинде калуусун каалайт. Анткени, Катар ушул биримдикте калуу менен «сырты жалтырак, ичи калтырак» абалда арттан сокку бере турган Британия кызыкчылыгын ишке ашырып берүүгө жарай алат. Ошондуктан, жогоруда айтып өткөнүбүздөй басымдуу көз караш Катар менен Булуң өлкөлөрүнүн

ортосундагы алаканын үзүлүшүн дабалоо «дартты күйгүзүү» жолу менен болбой турганын көргөзүп турат. Муну төмөндөгү нерселерден билүүгө болот:

А) Трамптын 2017.06.09 берген билдирүүсү Катар үчүн орточо чечим калтырбагандыгын көргөзүп турат. Ал билдирүүсүндө: «Тилекке каршы, Катар мамлекетинин терроризмди жогорку деңгээлде каржылап келүүсүнүн узун тарыхы бар. Самиттин алкагында бардык өлкөлөр Катарга каршы туруу боюнча бир пикирге келиштик. Биз терроризмди каржылоону токтотуубуз зарыл. Мен ТИМ жана Америка армиясынын генералдары менен бирге Катардын терроризмди каржылоосун токтотууга чакырган токтом кабыл алдым», - деди. («Седьмой день». 2017.06.09). Маалым болгондой, Катар өз саясатын өзү белгилебейт, балким аны Британия белгилейт. Британиянын учурдагы саясаты Америкага ачык түрдө конфронтацияга барбайт. Айрыкча азыркы учурда, ал ЕБден чыгып Америкага сыртынан болсо да жандашууга урунуп жаткан учурунда бул мүмкүн эмес.

Б) Трамптын менталитеттик түшүнүгүндө капиталисттик түшүнүк басымдуулук кылат. Ал соодагер. Эгер, Катар Трампты азгыра турган каражат сунуштай алса, анда Трамп Катарга карата орточо чечимди кабыл алууну Саудияга буйруйт! Дүйнөлүк саясат институндагы («World Policy Institut») Америкалык эксперт Джонатан Кристол: «Саудия, Миср, БАЭ, Бахрейндин Катар менен алакасын үзүүгө таасир өткөрүп жаткан нерсе, Дональд Трамптын Ак үйдө турушу менен бирге акча болуп саналат. Катар менен Саудия ортосунда жүз берген дипломатиялык жана экономикалык кризисти Катар - Америка жана Саудия баштаган союздар менен акчалай кызматашуу аркылуу жайгара алышы мүмкүн», - деди. («Арабия 21». 2017.06.06). Башкача айтканда, басымдуу чечим бул Катардын акча бериши же анын толук моюн сунуусу болуп саналат! Биз айтып өткөндөй, басымдуу көз караш Катар өз саясатын өзү белгилебейт, аны Британия белгилейт. Эгер, Британия Катарды Булуң мамлекеттеринин биримдигинен чыгып кетүүсү

Британия кызыкчыгына дал келет деп билсе, анда аны андан чыгарат. Эгер дал келбейт деп билсе аны ал биримдикте калтырат!

7. Корутундулап айтканда, Катар менен алаканы үзүү бабында Америка малайлары Саудия, Миср жана аларга эргешкендерден жакшылык күтүүгө болбойт. Алар бүгүн, эртең кулай турган тактыларын сактап калуу максатында мусулмандарды, алардын өлкөлөрүн Ислам душмандарынын колдоруна салып берүүдө. Ошондой эле, Британия артынан тилин салаңдатып чуркап, мусулмандарга заарын чача турган, Британия кызыкчылыгын ишке ашырууга аракет кылып жаткан «шишиген арстандын кебетесин кийген» Катардан да жакшылык күтүүгө болбойт. Ал Американын эң ири базасын өз аймагында жайгашуусуна жол ачып берди. Ал базалардан Сирия, Ирактагы мусулман калкын бүлгүнгө салуу үчүн учактар асманга көтөрүлүүдө. Ал Хамас, Фатх менен жакындашып, алардын чегинүүлөргө баруусу үчүн «Израиль» менен тыгыз кызматташтык алып барды. Ошондой эле, Сирияда Сирия режими менен сүйлөшүүлөргө баруу үчүн Сириядагы кээ бир жамааттарды каржылады. Мына ушуну менен бирге, Катар өзүнүн ууланган акчасы менен Сириядагы кээ бир жамааттардын исламий пикирлерин өзгөртүп, чегинүүлөргө барууга азгырды... Ушунун баары ага карата Британия тарабынан сызылып берилген саясий ролдун негизинде ишке ашты. Ошондуктан, жамандын жакшыраагы деген жүйө менен жамандын жакшыраагын мактоо же ага эргешүү мүмкүн эмес. Анткени, Үммөттүн көйгөйү жамандын жакшыраагы таразасы менен чечилбейт. Тескерисинче, акыйкат жана батылды таразалай турган тараза менен чечилет. Үммөт Аллахка анын Расулу с.а.в.га жана момундарга кыянаттык кыла турган баардык режимдерди четке кагуулары зарыл. Үммөт Ыкластуулар менен бирге бул түзүмдөрдү түп тамыры менен жок кылып, адилеттүүлүктү тарата турган Халифалыкты тикелөө жолунда бирге кызмат кылуусу зарыл. Халифалык мамлекети гана Ислам жана мусулмандардын улуулугун кайтарат жана аларды бакубат жашоодо жашоолорун камсыздайт. Мына

ошондо гана, Трамп жана ага окшогон анын малай куйруктары өз жерлеринде кор болушат.

***«Аллах Өз ишинде үстөм, бирок муну көпчүлүгү билишпейт»*** [12:21]

**16-рамазан, 1438-х.**

**11-июнь, 2017-м.**

## Кения боюнча берилген суроолорго жооптор

## 2007-жылы 27-декабрдагы онунчу жалпы шайлоолор алдындагы Кениядагы саясий партиялар картасы

Биринчи: Азыркы президент Кибакини колдоп жаткан «Улуттук союз» партиясы (PNU). Ал төмөнкү партиялардын коалициясынан турат:

NARC-KENYA (ал түпкүлүгүндө Кибакинин партиясы), DP, KANU, FORD KENYA, FORD PEOPLE, SHIRIKISHO PARTY OF KENYA, TIP, SAFINA SISI KWA SISI, AGANO

Бул он партиянын көбүнө региондордогу уруу башчылары жетекчилик кылат. Шайлоолор алдында алардан тездик менен бир союз түзүлдү. Себеби, президент Кибаки шайлоолордо өзүнүн партиясы «NARC»тын бир өзү жеңип чыгышынын мүмкүнчүлүгүн таба албады. Ошондуктан, оппозицияга каршы мына ушул партиялардан бир демилге астында союз жана бир фронт түзүүгө аракет кылды.

Экинчи: Оппозиция коалициясы т.а. «Саргылт түстүү демократиялык кыймыл» (ODM) үч партияга бөлүнүп кетти. Алар төмөндөгүлөр:

1 – «Саргылт түстүү демократиялык кыймыл» (ODM), ал негизги жана эң күчтүү кыймыл болуп, ага Раил (RAILA ODINGA) башчылык кылат. Раил Кениядагы экинчи эң чоң уруу Луо (LUO) уруусунан болуп, партия аны президенттикке талапкер кылып көрсөтүү үчүн жакында болуп өткөн конференциясында шайлады. Ал шайлангандан кийин өзүнүн партия жогорудагы конференцияда шайлабаган беш атаандашы менен жакшы алаканы сактап калууга умтулду. Атаандаштары түрдүү урууларга таандык

болушканы үчүн өз партиясына улуттук багыт түсүн берүү үчүн ушундай жол карманды. Алар төмөнкү адамдар:

Мусалла Мудавади (MUSALLA MUDAVADI), мурунку вице-президент, теги Кениядагы үчүнчү эң чоң уруу (LUHYA)дан.

Уильям Руто (WILLIAM RUTO), мурунку президент Моинин (MOI) оң кол жардамчысы болгон, теги каленжин (KALENJIN) уруусунан.

Нажиб Балаълаъ, ал мусулман болуп, теги Йемендын хазрамий уруусунан. Ал «сартгыл түстүү демократиялык кыймылы» ичинде Раилди (RAILA) катуу колдойт.

Жозеф Ниага (JOSEPH NYAGAH), азыркы президенттин уруусу болгон кикуюгадан (KIKUYU), ошого карабастан ал оппозиция сабында.

Чарит Нгилу (CHARITU NGILU), бул аял камба (KAMBA) уруусуна таандык болуп, азыркы президент Кибакини президенттикке алып келген «NARC» коалициясынын жетекчиси. Кийинчерээк ал оппозицияга кошулду.

Раил кыймыл талапкери болууга жетишти. Себеби, аны Америка колдойт. Бул нерсе Америка элчисинин интервьюларынан даана көрүнөт. Америка элчиси «жаш» талапкерди шайлоого чакырды. Ал муну менен Кибакиден жашы кичүү болгон Раилге ишара кылды.

Белгилүү болгондой, Кибаки өз президенттигинин мурунку 2002-2005-жылдарында Америкага жакын болду. Негизи, мурун ал англичандар малайы эле. Америка аны өз тарабына оодуруп, өзүнө баш ийдирүү аракетине түшкөн болчу. Айрыкча, Кибаки 2003-жылы Вашингтонго сапар жасагандан кийин Америка ушундайн мүдөөдө болгон.

Бирок, Британия Кибакиге каршы өзүнүн адамдарын ишке салып коркутту жана аны өзүнүн тарабында калууга кызыктырды. Бул чабуулга мурунку президент Мои башчылык кылды. Ал Кениядагы англис саясаты устундарынын бири эсептелет… Коркутууга келсек, ал Кибаки батып калган коррупцияны ачып таштоо үчүн катуу чабуул болушуна ишара кылуу менен болду. Кызыктыруу болсо, англис малайларынын ал дагы президент болушу

үчүн ага колдоо көрсөтүүгө убада бериши болду. Мои аны көпчүлүк коомчулук пикири Америкага каршы экенине ишендире алды жана буга далил кылып Кибаки даярдаган конституция долбоору жаатында 2005-жылы өткөрүлгөн референдум натыйжаларын келтирди. Ошондо натыйжалар Кибакиге каршы болгон. Британия малайлары мындан пайдаланышты жана аны коомчулуктун чоң бөлүгү Мои жана англичандар адамдарына жан тартышын, арийне көпчүлүк аларды жактап добуш беришин, эгер Кибаки Мои тарабына өтүп, англичандардын карамагында жүрсө, бул добуштар анын дагы президент болушун камсыздашын сезүүгө мажбур кылышты.

Британия Моини ишке салып, коррупцияны ачып таштоо боюнча коркутуу менен жана дагы президент болушуна убада берип кызыктыруу менен Кибакини 2005-жылдан тартып дагы өз тарабына оодуруп алууга жетишти.

Ушул себептен улам Америка Кибакиге атаандаш катары Раилди колдоп-кубаттады.

Ошондуктан өкмөт тобу Раил менен Америкага каршы катуу чабуул уюштурду. Бул чабуул төмөндөгүчө болду:

Өкмөт тобу Раилди америкалыктарга Кенияда алар үчүн бир аскерий база куруп берүүгө убада бергендикте айыптады.

Өкмөт америкалык күзөтүүчүлөргө (Картер борборун) шайлоолорду күзөтүп барууга тыюу салды жана бир гана еврокомиссиядан келген күзөтүүчүлөргө гана уруксат берди.

Эмгек министри Ньютон Кулунд (NEWTON KULUNDU) Америкага чабуул жасап, аны үчүнчү дүйнө талап кылып жаткан эркиндиктер, адам укуктарын иш жүзүндө колдонбой жаткандыкта айыптады жана мунун үлгүлөрү катары Гуантанамо жана Абу Гурайбдагы окуяларга ишара кылды. Бул болсо, Америка элчисинин кыжырын келтирип, Кулунд менен кол берип көрүшүүдөн баш тарта турган болду.

Өкмөт тарапкерлери нааразылык демонстрациясын уюштурушту. Бул демонстрация Найробидеги Америка элчиканасы алдында 1998-жылы жүз берген жардыруулар жайында өткөрүлдү. Демонстрация катышуучулары Америкага душмандык рухундагы ураандарды көтөрүп чыгышты жана Америка байрагын өрттөштү.

2 – «Саргылт түстүү демократиялык кыймылы – Кения». Анын лидери Калонз Мусюк (KALONZO MUSYOKA), ал христиан консерватор. Анын мурунку президент Мои менен алакасы бар. Өзү Кениядагы бешинчи эң чоң уруу камбага (KAMBA) таандык. Белгилүү болгондой Калонз «ODM»дин конференциясы алдында «ODM»ден бөлүнүп чыккан эле. Айтып өткөнүбүздөй, ошол конференцияда Раил жеңип чыккан. Көптөгөн талдоочулар Калонзду оппозицияны күчсүздөнтүү жана эки партиядагы белгилүү адамдарды бири-бирине жакындаштыруу максатында добуш берүүдө шайлоочуларга проблема жаратуу үчүн киргизилген өкмөттүн агенти деп эсептешет. Калонз азырга чейин өзүнүн уруусундагы бир канча адамдарды эсепке албаганда, оппозиция лидерлерин өзүнүн партиясына тарта албады. Ошондуктан, анын партиясы уруу партиясы эсептелет.

3 – «Кения Африка улуттук союзу» (KANU). Ал төмөнкүдөй эки фракцияга бөлүнүп кетти:

Биринчи: Өлүп кеткен биринчи президент Жомо Кенияттанын (JOMO KENYATTA) кичүү уулу Ухуру Кениятта (UHURU KENYATTA) лидерлик кылып жаткан фракция. Ухурунун саясий иштерде тажрыйбасы аз болуп, өзү Кениядагы эң чоң уруу Кикуюга таандык. Анын мурунку президент Мои колундагы куурчак экендиги маалым.

Ухуру жакынкы убакытка чейин «ODM» эле. Ал 2005-жылы ноябрь айында жаңы конституция жаатында өткөрүлгөн референдумда да оппозицияда болгон. Бирок, ал мурунку президент Мои тарабынан болгон басым астында азыркы президент Кибакини колдоого мажбур болду. «ODM»

кыймылы коалиция болуп калуунун ордуна бир партияга айланып калды деген шылтоо менен ушуга мажбур болду.

Экинчи: Мурунку президент Моинин оң кол жардамчысы Николас Байот (NICHOLAS BIWOTT) башчылыгындагы жаңы «KANU». Байот менен Ухуру ортосунда күрөш болду. Кийинчерээк мурунку президент «KANU»ну бириктирүүгө аракет кылды.

Жыйынтык:

1 – Кибакинин эң күчтүү атаандашы Раил, анын талапкерлигин «ODM» кыймылы көрсөттү. Ошондуктан, Кибаки мурунку президент Моинин жардамында «ODM»ды бөлүп таштоо үчүн бар күчүн жумшады. Бул болсо оппозициянын Кибакиге – аны диктатор менен союз түзгөндүктө айыптап – чабуул кылышына алып келди.

2 – Кибаки жана Мои экөөсү биргеликте Кенияны Британия таасири астында калтыруу үчүн кызматташтык кылышууда. Себеби, экөөсү тең англис колонизаторлугу мектебин бүтүрүшкөн. Алар Америка малайы болгон жана чебердик менен сүйлөшүү жана калкты өз айланасында топтоо талантына ээ болгон, Британия таасирине коркунуч туудуруп жаткан Раилди майдандан алыстатууга урунушууда.

3 – Мои Кибакиге жардам берип жатат жана оппозицияны кантип бөлүп таштоо керектиги жөнүндө жол-жобо көрсөтүп турат. Мои Ухуруну «ODM»ден чыгып, Кибакиге кошулууга мажбур кылды. О.э. ал Калонзго да таасир өткөрүп, анын оппозициядан бөлүнүп чыгышына жана «ODM-K»га негиз салышына себеп болду. Мындан тышкары Мои өзүнүн президенттик доорунда иштеген, азыр болсо Раилге кошулган эки мурунку министрге таасир өткөрүүгө урунууда. Алар Руто менен Мудавади. Мои экөөсүн шайлоолордон мурун Раилди четке кагууга мажбур кылмакчы.

4 – Мусулмандар добуш берүү жаатында, шайлоолорду бойкот кылышабы же добуш беришеби, бул туурасында бөлүнүп калышкан. Добуш бере тургандарга келсек, алардын көпчүлүгү Раилди жактап добуш берет.

Себеби, Раил мусулмандарга «терроризм» деген наам астында мусулмандарды куугунтуктай турган мыйзамды чыгарууга болгон ар кандай урунууга каршы турууга жана Кибакинин мусулмандарга жасаган жаман мамилесине тескери түрдө аларга жакшы мамиледе болууга убада берди.

5 – Кибаки президенттик күрсүсүндө калуу үчүн бар күчү менен аракет кылат жана мамлекет мүмкүнчүлүктөрүн ишке салат. Ушул максатта, Раилдин шахсиятын бутага алып, анын мамлекетти башкара алышына күмөн жаратууга жана адамдарды Раил уруусунан коркутууга урунууда.

6 – Акыры келип, Стедман (STEADMAN) өткөргөн акыркы сурамжылоолор Раилдин илгерилеп кеткенин жана анын партиясы «ODM»дин рейтинги «PNU»га караганда жогорураак экенин көрсөтүүдө.

**3-зул-каъда, 1428-х.**

**13-ноябрь, 2007-м.**

### Жигиттер үчүн маалымат

**Биринчиден:** 2011-жылы 16-октябрда Кения аскерлери Сомали түндүгүндөгү жерлерге бастырып кирди. Кения муну менен саякатчылардын уурдалып кетишине жооп катары мужахид жаштар күчтөрүн куугунтуктап жатканын жарыя кылды...

Бул чабуул «Linda Nchi» деп аталды. Ал суахили тилинде «Улутту коргоо жагдайы» деген маанини билдирет. Кения бийлиги бул чабуул артынан Кенияга чегаралаш Сомали жеринде 100 км. узундукта бөлүп алынган өзүнчө бир регионду жүзөгө келтирүүгө аракет кылууда. Максат, Сомали бийлигинен бөлүнгөн өзүнчө бир бийликти түзүү. Бул регион Азания, айрым учурда Жубаланд деп аталууда:

(«Azania» – the name of the new region which comprises Gedo, Lower Juba and Middle Juba. Together also known as Jubaland.).

Бул бийлик Кенияга моюн суна турган болот. Себеби, бул региондогу Сомалинин мурунку коргоо министри Мухаммад Абди Гандий Кения тарабынан сунушталган акимди дайындайт. Максат, мужахид жаштардын

жолуна тосук коюу о.э. түздөн-түз стратегиялык максаттар да көздөлгөн т.а. мужахид жаштар үчүн абдан маанилүү эсептелген Кисимайо портуна көзөмөл орнотуу. Айрым отчёттордо көрсөтүлүшүнчө, бул күрөшкө ушул региондогу нефтинин бар экендиги себеп болууда:

(There are reports that Azania - or at least the sea off its coast - is rich in oil.).

**Экинчиден:** найроби шаарында Кения куралдуу күчтөрүнүн командачылыгы Жулиус Каранги 29-октябрда журналисттер алдында Сомалидеги Кениянын иш-аракеттери жөнүндө мындай деди: «Кения бийлиги жана калкы өздөрүн коопсуз сезишкенде, өз күчтөрүбүздү алып чыгып кетебиз». Ал бул сөзү менен күчтөрдү алып чыгып кетүүнүн «белгилүү бир мөөнөтү» белгиленбегенин билдирди.

Кения аскерий аба күчтөрүнүн аскерий самолёттору 23-октябрда жээктеги Кисимайо шаарына күчтүү аба чабуулдарын уюштурган. Бул чабуулдарда эл аралык Кисимайо порту менен мурунку нефть сактоочу жайлардын ортосундагы позициялар бутага алынды.

Бул болсо, жаштар кыймылы 2008-жылы августта Кисимайо үстүнөн өз көзөмөлүн орнотకондон бери жасалган биричи чабуул болуп эсептелет.

Мындан мурун Кения самолёттору Жуба регионундагы шаар жана айылдарга күчтүү чабуулдарды уюштурган. Алардын арасында Кувкани, Табта, Рас-Камбони бар.

2011-жылы 20-октябрда Кения президенти Мувай Кибаки Найробиде сүйлөгөн сөзүндө Кения өз жеринин «бүтүндүгүн жана тынчтыгын» бардык каражаттар менен коргошун жарыя кылды.

Кибаки дагы мындай деди: «Мамлекетибиздин коопсуздугун коопсуздук күчтөрүбүз жеке өзү камсыздай албайт…».

**Үчүнчүдөн: Сомали үч мамлекет тарабынан колония кылынган:**

1 – **Италия:** Сомалинин түштүгүн жана борбордук жерлерин, түндүк-чыгыш бөлүгүнүн айрым жерлерин, борбор Могадишону колония

кылган. Сомали Италиядан 1960-жылы июлда эгемендүү болду. 1991-жылдагы жарандык согуштан кийин Сомали бириккен абалда калган жок.

2 – **Британия:** Учурда «Сомали жери» же «Somali land» деп аталып даткан жерлерди колония кылган.

Бул жерлер Жибути менен Эфиопия ортосунда калган Сомалинин түндүгүнүн эң четки чекитинде жайгашкан. «Сомали жери» Британиядан 1960-жылы 26-июнда эгемендүүлүккө ээ болду жана «Италия Сомалиси» менен биригип жаңы Сомали мамлекетин түздү. Бул жаңы мамлекет 1974-жылда Араб Лигасына кирди. «Сомали жери» Сомалинин он сегиз регионунун беш регионунан түзүлүп, анын борбору Харгейса болгон.

1991-жылы 19-январда Сиад Барре режими кулатылышы менен Мухаммад Иброхим Аккал ошол жылдын 18-майында бул региондун эгемендүү болгонун жарыялады. Бирок, мамлекеттер аны моюнга алган жок.

2001-жылы «Сомали жеринде» элдик референдум өткөрүлүп, Сомалиден бүтүндөй бөлүнүп чыгышы бекемделди жана «Сомали жеринин республикасы» түзүлдү. «Сомали жеринин» жаңы өкмөтү, парламенти жана армиясы пайда болду. 2000-жылы сентябрдан баштап анын калкы үчүн паспорт да чыгарылган болчу.

«Сомали жеринин» маанилүү шаарларынын бири Бербера шаары, анын өз порту бар. Бул порт өзгөчө мааниге ээ болуп, Аден булугуңуна чыгат. Эфиопия бул порттон импорт товарларды кабыл алуу үчүн пайдаланат. «Сомали жери» Сомалинин башка региондоруна караганда туруктуулугу менен өзгөчөлөнүп турат.

3 – **Франция:** Афар жана Исса регионун колония кылган. Ал жер «Француз Сомалиси» деп аталат. Ал Франциядан 1977-жылы эгемендүүлүккө жеткенден тарта Жибути деп аталган регион болуп калды. Афар жана Исса ушул региондогу эки негизги уруу. Жибути тил, тарых жана социалдык форма жагынан Сомалинин бир бөлүгү болуп эсептелет. Бирок, ал эгемендүү

болгондон баштап Араб Лигасы, БУУ жана башка эл аралык уюмдарга мүчө болду.

**4 – Сомалинин коңшу мамлекеттер тарабынан басып алынган бир нече жерлери да бар:**

**Огаден региону**

Бул регион Батыш Сомали деп да аталат. Аны Эфиопия 1954-жылда басып алган. Эфиопия башкаруусу боюнча ал бешинчи регион же Огадения региону деп аталат. Бул регион калкынын негизги көпчүлүгүн түпкүлүгү сомалилик болгон мусулман арабдар түзүшөт.

**Түштүк-Батыш Сомали региону**

Бул регион Анфеди деп аталып, азыр ал Кения жеринин бир бөлүгү болуп калган. Борбору калаасы Гарисса шаары. Кения Аруша келишиминен кийин 1963-жылда аны өзүнө кошуп алган.

**Төртүнчүдөн: учурдагы саясий абал:**

1 – Сомалинин түштүгүндө жана борборунда шейх Шариф Ахмад башчылыгындагы өкмөт турат. Бул өкмөт 2008-жылы 26-октябрдагы Жибути келишиминин натыйжасында пайда болгон. Ага Америка таасирин өткөрүп турат. Сомали азыркы күндө туруксуз абалда. Ал жерде куралдуу исламий кыймылдар бар, алардын эң көзгө көрүнгөнү «Мужахид жаштар» кыймылы. Бул кыймыл учурда бийликке жана ал жерде турган Африка Союзунун күчтөрүнө каршы согушуп жатат. Американын бул мамлекетте ишке сала турган «колу» – бул Эфиопия. Ошондуктан, Эфиопия Американын буйругу менен Сомалиге өз армиясын алып кирет, анын буйругу менен алып чыгып кетет.

2 – Британиянын таасири өкүмдар болгон Сомали жерлери салыштырмалуу түрдө туруктуу.

3 – Жибути. Ал жерде дагы эле француз таасири өкүмдар. Франция Жибутини өзүнүн бул региондогу башкы борбору деп эсептейт. Ошондуктан, ал жерде Франциянын чет элдеги эң чоң француз аскерий базасы турат, бул

базада 2700 француз аскери бар. Франция өзүнүн бул региондогу таасирин коргоо үчүн ушул базага таянып, Африканын борбордук жерлерине чейин өзүнүн аскерий аба жана деңиз күчтөрүн жиберип турат. Франция Американын Жибутиге көз алайтып жатканын жакшы билет. Ошондуктан, Американын карасанатайлыгынан сактануу максатында ал жердеги өзүнүн Ламони аттуу эски базасынан пайдаланууга жана ал жерге миң аскерден ашпаган аз сандагы Америка күчтөрүн жайгаштырууга уруксат берди. Франция Американын Жибутиге көз салышына жана аны талашууга чек коюу үмүтүндө ушундай кылды. Бирок, Америка башкача ойдо. Себеби, Америка учурда ушул базадагы сегиз жүз аскерин акыры эмес, башталышы деп эсептеди. Ошон үчүн азыр Америка «терроризмге каршы күрөш» деген шылтоо менен эки миң Америка аскерин жайгаштыруу үчүн бул базаны кеңейтүүгө аракет кылып жатат...

**Бешинчиден: соңку кездеги окуялардын артындагы саясий максат:**

Британия «Мужахид жаштар» куралдуу кыймылы турган Сомали түштүгүндөгү туруксуздук окуяларынан пайдаланып калды. О.э. Британия Кениядагы саякатчылардын уурдалып кетишинен да пайдаланып калды. Себеби, Британия Кения президенти Кибакиге бул окуяга каршы жооп катары жана Кения чегараларын коргоо деген шылтоо менен өзүнүн армиясын алып кирүүнү о.э. Кения чегараларында «Азания» деген тынч регионду түзгөнүн жарыялоону тымызын буюрду. Бул региондо борбордон бөлүнгөн өзүнчө башкаруу түзүлүп, ал Кениянын көзөмөлү астында болот.

Окуянын тышкы көрүнүшү мына ушундай. Эми, бул абалга үндөгөн түрткүлөр жана максаттарга келсек, окуянын артында төмөнкүлөр турат:

1 – Британия Сомалинин түштүк-батышында Сомалинин түндүгүндөгү регионго окшогон бир регионду түзмөкчү. Британия ушул аркылуу Американын Сомалиге толук өкүмдар болуп алышына тоскоолдук кылмакчы. Анткени, эгер түндүк жана түштүк Британиянын чеңгелине өтсө, борбордогу Американын бүткүл Сомалиге өткөрө турган таасири төмөндөйт.

Ал тургай, убакыттын өтүшү менен Америка Сомалинин борборунда да өз таасир күчүн колдон чыгарат. Түндүк менен түштүк ортосунда жайгашкан жерлер Британиянын өкүмдарлыгы астына өтө турган болсо, Америка ушул таасирин жоготушу анык.

Британиянын пикиринде, Сомали келечекте ашып кетсе бир нече мамлекеттерге бөлүнгөн «федерация же конфедерация» эле болот. Ошондуктан, эгер Британия түндүк жана түштүккө өкүмдар болуп алса, анда, Сомалидеги иш жүзүндөгү таасир күчү ага өтөт. Муну Кения түзмөкчү болуп жаткан «Азания» регионуна аким кылып дайындамакчы болуп жаткан мурунку коргоо министри ачык айтты:

(Ideally, Somalis should have been given the opportunity to plan for a federal state in a gradual, consensual way," says Mr Abdi, Mohammed Abdi Gandhi President of self-declared Azania)

2 – Британия ушул үч окуядан пайдаланып Сомалинин түштүгүнө аралашууну бекемдеди:

**Биринчи:** саякатчылардын уурдалып кетиши жана Кения коопсуздугун коргоо деген шылтоо. Бул болсо, Америкага малай болгон премьер-министр Одинганы кыйын абалга салып, аны бул аралашууга каршы чыга албай турган кылып койду.

**Экинчи:** Эфиопия аскерий күчтөрүнүн Сомалинин түндүгүнө 2011-жылы 19-ноябрда дагы бастырып кириши. Бул акыркы бастырып кирүү эмес. Себеби, Эфиопия күчтөрү Эфиопия коопсуздугун камсыздоо деген шылтоо менен (Кения да дал ушундай шылтоо менен аралашууда) Сомалинин түндүк-батыш чегараларын бузуп, бастырып кирүүдө жана чыгып кетүүдө. Муну «ВВС» жана «АФП» билдирген.

**Үчүнчү:** бул маселе Британияга таандык эмес, Европага таандык деп көрсөтүлдү. Ошондуктан, ага Британия менен бирге нефть тармагындагы кызматташтык деген шылтоо менен Франция жана Норвегия да кошулду.

Ошентип, бул аралашуу Американы жана анын Эфиопиядагы малайларын, жада калса, Кениядагы малайларын да, мисалы, премьер-министрди кыйын абалга салып коюу үчүн шылтоо, себептер жагынан да бекемделди.

**Алтынчыдан:** эми, бул аралашуудан күтүлгөн натыйжа жөнүндө айта турган болсок, ал Сомалиде эч качан болбойт. Т.а. Кениянын кийлигишүүсү жана анын артынан Сомалинин түштүгүндө Британиянын таасири туруктуу орнотулушу күтүлбөйт. Анткени, бул нерсеге төмөнкү себептер негиз болот:

- **Жергиликтүү жактан:** эл аралык аралашууларды кабыл албоо жагынан ала турган болсок, Сомалидеги мусулмандар туйгусу күчтүү. Айрыкча, жихад пикирлери ал жердеги мусулмандар арасында кеңири жайылган соң, ушундай болушу табигый. Жихад пикирлери «Мужахид жаштар» кыймылы жана башка кыймылдарда иш жүзүндө бар. Бул болсо, Кения аралашуусу туруктуу түрдө болушун жокко чыгарат.

- **Регионалдык жактан:** Кенияда азыр башкаруу эки башчынын колунда турат. Эгер, Британия малайы Кибаки жүз берген бул окуялардан чебердик менен пайдалана алса, бул окуялар Кения чегараларынын тынчтыгына таасир өткөрөт. Мына ошондо Кибаки бул маселеге бүткүл этибарын каратат жана өз армиясы менен аралашат. Бирок, премьер-министр Одинго Америка малайы. Арийне, келишпестик саясаты дагы ишке түшөт жана бул саясат Кения аралашуусу узак убакытка созулбашына алып келет.

Бул жаатта Одингага Эфиопиянын муну четке какканы оң келет. Эфиопиянын муну четке какканы жөнүндө британ жана француз маалымат каражаттары кабар таратты. Эфиопия тышкы иштер министрлигинин өкүлү Дина Муфти мындай деди: «Бул иш туура эмес, Сомалиде эч кандай Эфиопия күчтөрү жок… Бул, айрымдардын божомолдору гана». Т.а. Кения армиясы аралашканда Эфиопия күчтөрү аралашкан жок. Анык көрүнүп тургандай, бул четке кагуудан максат, Кенияга өз аралашуусун актаган

шылтоо катары Эфиопиянын аралашуусунан пайдаланып калышына мүмкүнчүлүк бербөө!

Мындан сырткары Эфиопия Сомалинин түштүгүндө «Азания» же «Жуба» деген саясий региондор пайда болушуна каршы экенин билдирди. Себеби, огадендик көптөгөн сомалиликтер ал жерде жашашат. Эгер, бул региондор жүзөгө келтирилсе, ал Эфиопия көзөмөлү астында болбойт. Бул болсо, түштүктө жайгашкан Огаден аскерийлешкен отряддар тарабынан боло турган чабуулдар акыбетинде Эфиопияга көптөгөн кыйынчылыктарды туудурат. Ошондуктан, Эфиопия Сомалинин түштүгү Американын, арийне, Эфиопиянын көзөмөлү астындагы Могадишо өкмөтүнө моюн сунушун каалайт. Мына ошондо Огаденден келген мигранттар ар дайым Эфиопия көзөмөлү астында болуп, Эфиопия тынчтыгын бузбай турган болушат.

•**Эл аралык жактан:** Америка Европа билдирүүлөрүнө карама-каршы түрдө Кениянын аралашуусуна каршы экенин билдирди:

– Европа, француз тышкы иштер министрлигинин өкүлү 20-октябрда мындай деди: «Өткөөл доор федералдык өкмөтү менен бекем байланышып, өз ара кеңешип жаштар аскерий отряддарына каршы алып барылып жаткан Кения аскерий аракети Сомалиде мүмкүн болушунча тезирээк тынчтык жана туруктуулук орнотулушуна өз салымын кошот деп үмүт кылбыз».

– Бул билдирүүдөн төрт күн өткөндөн кийин Кения француз аскерий кемелери жаштар кыймылынын позицияларына чабуул уюштурганын маалым кылды. Бул, болжол менен жыйырма жылдан берки Сомали батышындагы биринчи аскерий аралашуу.

– Кения армиясы билдирүү чыгарып, француз деңиз күчтөрү Сомалинин Кудай шаарына ок атканын билдирди.

– Ал эми, Америка Мамлекеттик департаменти Вашингтон Кенияга Сомалиде уюштурган аскерий аракеттерине жардам берүүдө кандайдыр бир роль ойнорун четке какты.

Америка Мамлекеттик департаментинин 25-октябрда чыккан билдирүүсүндө «Африка чыгышында терроризмге каршы күрөштө Вашингтонду Кения менен узак убактан бери кызматташтык алакалары байлап келет, ошондуктан, Вашингтон куралдуу террор коркунучтарына каршы күрөшүүдө Найробиге «өз кубатын бекемдөө үчүн» жардам берип келе жатканы» деп айтылган болсо да, бирок, билдирүүдө Кения армиясы Сомалиде уюштуруп жаткан аскерий аракеттерде Кошмо Штаттар эч кандай роль ойнобошу баса белгиленген.

О.э. «Вашингтон Пост» гезитинин жазышынча, Ак үй 29-октябрда Сомалидеги аскерий аракеттерге байланыштуу Эфиопиядагы базадан башкарылган Америка самолёттору учканын четке какты.

Ак үй өкүлү Гай Керни Эфиопияда башкарылган самолёттор бар экенин моюнга алды, бирок, анын айтымында, бул самолёттор куралсыз имиш жана Америка Сомали бийлиги менен түзгөн келишим алкагында Африка тумшугунда туруктуулукка кызыктыруу үчүн Сомалиде разведка иштерин аткарып жаткан имиш.

**Жетинчиден:** бул иштердин бардыгы төмөндөгү божомолдорду бекемдейт: англис таасири түштүктө түндүктөгүдөй орнобойт жана Кениянын түштүктө Сомалинин мурунку коргоо министри Мухаммад Абди Ганди башчылыгында бир мамлекет сымал нерсени жаратуу жөнүндөгү ниети туруктуу эмес т.а. Сомалинин түштүгүндөгү Азания региону түндүктөгү Сомали жерлеринен бөлүнүп чыккандай Сомалиден узак убакыт бөлүнгөн абалда калышы күтүлбөйт...

**15-мухаррам, 1433-х.**

**11-декабрь, 2011-м.**

## Кениядагы шайлоо тууралуу

***Биринчи**: Кенияда президенттик шайлоо кампаниясынын белгилери азыркы учурдан баштап көзгө уруна баштады. Белгилүү болгондой, жогорку*

*сот шайлоону 2012-жылдын август айынан 2013-жылдын мартына кечиктирди. Бул кампаниядагы көңүлдү өзүнө тарткан нерсе ушул, Руто өз шайлоо кампаниясын Одингага каршы Кениата менен алып барууда. Акыйкатта болсо, Руто жана Кениата 2007-жылдагы шайлоодо бири-бирине каршы атаандаш болчу, ал эми, Руто Одинга тобу менен бирге эле. Рутонун позициясынын өзгөрүшүнө эмне себеп?*

***Экинчи**: Эл аралык Сот Кениата жана Рутону 2007-жылдагы шайлоодон кийин жүз берген зомбулук окуяларында айыптады. Бул айыптоо Одинганын «салмагы» оор келишин түшүндүрөт. Муну кандай түшүнөбүз? Анткени, Эл аралык Сот европачыл го? Ошондой болгон соң, ал кантип Европага (Британия) ээрчип жаткан бул эки талапкерге каршы, айрыкча Кениатаны айыпташы мүмкүн? Бул нерсе, акыры Америка малайы Одинганын жеңишке жетүү мүмкүнчүлүгүн бекемдейт го?*

**Жооп:** Оболу, суроонун биринчи бөлүгүнүн Жоопу анык болушу үчүн бул темага байланыштуу мурунку окуяларды үйрөнүп чыгуу керек:

1 – Кибаки 2007-жылы 27-декабрда өткөрүлгөн президенттик шайлоодо бийликтеги коалициянын талапкери эле. Ал Кениядагы уруулардын эң чоңу Кикую уруусунан чыккан, бул уруу мамлекетте эгемендүүлүктөн бери саясий жана экономикалык жактан өкүмдарлык ролду ойноп келет. Кибаки мурун президенттик мелдешке эки жолу кирген. Бирок, ал 1992 жана 1997-жылдары мурунку президент Даниэль Арап Мои алдында жеңилип калган. Арап Мои мамлекетти 1978-жылдан 2002-жылга чейин башкарды. Ал эми, Кибаки – ал айыл-чарбасындагы бай инвестор болуп эсептелет – 1963-жылдагы эгемендүүлүктөн кийинки бийликтеги партия «Кения Африкалык Улуттук Союзунун» төрагасынын орунбасар кызматын ээледи жана 2002-жылдагы президенттик шайлоолодо жеңип чыкты.

2 – Ал эми, Райла Одинга Кениядагы үчүнчү маанилүү уруу саналган Луо уруусунан чыккан, ал 1992-жылы Ангата (Найроби) округунан парламент депутаты болду. Бул округдун курамына Африкадагы калай казып

алына турган эң ири шаарлардын бири кирген. Одинга өзүнүн узакка созулган аракетинде саясий иштерди жана коалицияларды түздү. Ал университеттин профессору, өнөр-жай тармагында инвестиция жаткырган. Ал шайлоо коалицияларын түзүүдөгү жөндөмү жана тажрыйбасы менен таанылган.

Одинга президенттик жарышка биринчи жолу 1997-жылы кошулган, бирок, ийгиликсиз болгон. 2007-жылдагы шайлоодо ооматын дагы бир ирет сынап көрдү жана Кибакиге каршы оппозициядагы «Кызгылт Демократиялык Кыймыл» партиясынын атынан өз талапкердигин көрсөттү.

3 – Ал эми, Кениата 1961-жылы төрөлгөн, 2008-жылдан тартып премьер-министрдин орунбасары болду. Ал Британиянын малайы болгон эски саясатчы Жомо Кениатанын уулу болот. Жомо Кениата Кениянын биринчи президенти, 1964-жылдан 1978-жылга чейин президент болуп турду. Кениата 2007-жылдагы шайлоодо Кибакини эң күчтүү колдогондордун бири болду. Ошол шайлоолордон кийин ал Одинга жана Руто тобуна каршы жүз берген зомбулук окуяларында чоң роль ойногон. Ал Одинга жана Рутону колдоп-кубаттаган Каленжин жана Луо урууларына каршы өч алуу иштерин уюштуруу үчүн эң ири уруу Кикую уруусунан болгон кылмышкер Мунгики тобун түзгөндүктө айыпталууда.

4 – Руто 1966-жылы Уасин Гишу провинциясынын Аамбу айылында төрөлгөн. Ал президент болууга умтулушу менен таанылган. Бул ой анын күч борборлору өзгөрүшүнө карап өз позицияларын өзгөртүшүнө алып келди… Ал 2007-жылдагы шайлоодо Одинга тарапкерлеринин бири болду жана Кибаки менен Кениатанын уруусу болгон Кикую уруусуна о.э. бул уруунун Улуттук Биримдик Партиясына каршы чабуулдарда Каленжин уруусунан болгон топко башчылык кылды… Ал Одингадан бийликке шерик болууну, Одинга президент болсо, өзү премьер-министр болушун үмүт кылган. Бирок, Одинга менен Кибаки ортосунда түзүлгөн келишкис чечим боюнча Кибаки президент, Одинга болсо, премьер-министр боло турган

болду, натыйжада, Руто айыл-чарба министри болуу менен чектелүүгө мажбур болду. Бирок, бул, ал үмүт кылган нерсе эмес эле!

5 – Көптөгөн саясатчыларга жанында турган ар бир нерсени жутуп жибере турган «кувшин» өсүмдүгү катары атагы чыккан Кибаки Рутонун мына ушул сыпаттарын эсепке алып, Рутону өз жанына алуу планын түздү. Максат, Рутонун уруусу Каленжин уруусунун колдоп-кубатташын ишке ашыруу. Кибаки Рутонун дарты мансап экенин жакшы билет. Ошондуктан, көрүнүп тургандай, Кибаки Рутого сунуш кылган келишим төмөнкүдөй болгон: Кибаки Рутону президенттикке Кениата менен бирге талапкерлигин коюшу үчүн колдоп-кубаттайт, бирок, бир шарт менен, бири мамлекет башчысы болуп дайындалса, экинчиси премьер-министр болушу керек… Бул келишим Рутонун кызыгуусуна ылайык келет. Кибаки мунун артынан Рутонун Каленжин уруусунун колдоп-кубатташына жетишмекчи болду. Себеби, бул уруу Кибаки жана Кениатанын уруусу Кикую менен кызматташтыкта президенттик шайлоолодо Кибаки пландаштыргандай үстөм чыгууну камсыздашы керек.

6 – Руто буга ыраазы болду. Себеби, бул нерсе анын республика президенти же премьер-министр болуудагы каалоосун кандырат! Кибаки менен Рутонун ортосундагы биринчи «достук» кадамы мына ушул болду!

Ошондуктан, 2010-жылы мартта «Eldoret ASK showground» көргөзмөсүндө айыл-чарба министри Уильям Руто менен Кибакинин кол кармашып чыгуусу өзгөчө көрүнүштө болду. Кийинчерээк бул кол кармашуу Рутонун түндүк региондогу бул ырасымдын ачылышында куралдуу күчтөрдүн башкы командачысынын автомашинасына олтурду!

7 – Одинга менен Руто ортосунда иштер чаташып кетти. Айрыкча, Одинга 2010-жылы апрелде айыл-чарба министринин кызматынан жогорку билим министри мансабына өткөргөнүнөн кийин ушундай болду. Мына ушундан кийин Одинга басым өткөрүп Рутону отставкага чыгууга мажбур кылды жана Руто 2010-жылы августта парламенттин катардагы депутат

болууга кайтты. Ошондуктан, ал эң кеминде мына ушул убактан баштап Одингага каршы аракеттерин Кибаки жана Кениата менен тартиптештире баштаган деп айтуу мүмкүн.

Ошон үчүн, азыр Кениата Одингага каршы өзүнүн президенттик шайлоо кампаниясын Руто кампаниясы менен тартиптештирүүдө. Максат, шайлоодон кийин бийлийти өз ара бөлүштүрүп алуу, бул экөөсүнүн аракеттеринен көрүнүп турат. Британиянын аракеттеринен болсо ушул нерсе көрүнүп турат, англистер Кибакиден кийин Кениата Кения президенти болушун каалашууда. Ошондуктан, Руто менен аракеттерди таптиптештирүү аны саясий жактан алдоодон башка нерсе эместиги божомолдонууда. Максат, англистер алдоо аркылуу Каленжин уруусун өзүнө оодуруп алышы.

- **Жогоруда айтылгандардан Рутонун позициясы өзгөрүп калганынын себеби жөнүндөгү суроонун биринчи бөлүгүнө жооп ачык-айкын болот.**

**Экинчи: суроонун экинчи бөлүгүнүн да Жоопу анык болушу үчүн 2007-жылдагы шайлоодон тарта жүз берген окуяларды карап чыгууга туура келет:**

1 – Кения 2007-жылдын аяктарында өткөрүлгөн соңку президенттик шайлоодон кийин жүз берген чоң кылмыштарга күбө болду. Бул кылмыштардын акыбетинде 1500гө жакын киши өлтүрүлдү жана 250 миңге жакын киши турак-жайынан кууп чыгарылды. Бул окуялар Кибаки менен Одинга ортосундагы келишимден мурун жүз берген. Бул келишим боюнча Кибаки шайлоо натыйжаларын жасалмалаштыргандык боюнча өзүнө коюлган айыптоого карабастан, президент кызматында кала турган болду, Одинга болсо, өкмөт башчысынын мансабын ээлей турган болду.

Ушунча кылмыштарга карабастан, Эл аралык Сот эч кандай олуттуу аракет жасаган жок. Бул сот Кофи Аннан 2010-жылы март айында Найробидеги басма сөз конференциясынан кийин гана аракетке түштү. Аннан ошол конференцияда Эл аралык Соттун шайлоодон кийин жүз берген

кылмыштар боюнча текшерүүлөрдү башташы күтүлүп жатканына ишарат кылган. БУУнун мурунку башкы секретары Кофи Аннан Кения президенти Кибаки менен премьер-министр Одинга ортосунда бийлик өз ара бөлүштүрүлүшү тууралсында түзүлгөн жана эки тараптын тарапкерлери ортосунда бир нече аптага созулган кандуу кагылышууларга чек койгон келишимге салым кошкон.

Мына ошондон кийин Кения бийлиги жана Эл аралык Сот 2010-жылы 6-сентябрда келишимге кол койду. Бул келишим ушул соттун Кенияда өз кеңсесин ачышына уруксат берет. Максат, бул соттун 2008-жылы Кенияда жүз берген кол салуулар жана зомбулук иштери боюнча текшерүү алып барышына жол ачуу т.а. ошол кылмыштар жүз бергенден болжол менен үч жылдан кийин жол ачуу. Бул келишим Судан президенти Умар Башир Кибакинин сунушу менен Найробиге Кениянын жаңы конституциясын тастыктоо ырасымына катышуу үчүн келип кеткенден кийин кол коюлду. Жаңы конституция 2010-жылы августта элдик референдум аркылуу макулданган. Эл аралык Сот Баширдин бул сапарын провокация жана Кибаки Эл аралык Сотту теңсинбейт деп кабыл алды. Себеби, Кибаки Баширге Эл аралык Сот Баширди Дарфурда адамзатка каршы кылмыштар кылган деп жана геноцидде айыптап жатканда чакырып жатат.

2 – Эл аралык Сот 2010-жылы 15-декабрда мурунку шайлоодон кийин жүз берген адам өлтүрүүлөр, көчүрүп жиберүүлөр жана куугундар тууралсындагы айыптоону сунуштады. Бул айып алты адамга коюлду, алар: мурунку билим министри Уильям Руто, өнөр-жай министри Генри Кипроно Косгей, полициянын мурунку башчысы Мухаммад Хусайн Али, маалымат жооптуусу Жошуа Арап Санг, министрлер кеңешинин башкы секретары Френсис Мутаура жана премьер-министрдин орун басары Ухуру Кеньятта.

Ушундан кийин сот 2012-жылы 23-январда Кениянын төрт ири кызматтагы адамын мурунку шайлоодон кийин жалындаган зомбулук иштеринде адамзатка каршы кылмыштарды жасагандык айыбы коюлушу

үчүн бул сот алдында турушу туурасында буйрук чыгарды. Сот аларды соттоо үчүн жетиштүү далилдер бар экенин билдирди. Ал төрт адам төмөнкүлөр: президенттикке талапкердигин коюшу күтүлүп жаткан эки адам т.а. Кениянын биринчи президентинин уулу, учурдагы премьер-министрдин орун басары жана финансы министри Ухуру Кеньятта жана Каленжин уруусунан болгон миллиондогон шайлоочулардын колдоосунда ээ болгон мурунку билим министри Уильям Руто, Кения радиосунун диктору Жошуа Арап Санг, өкмөт кызматкерлеринин союзунун төрагасы Френсис Мутаура. Ал эми, өнөр-жай министри болгон жана Одингага каршы оппозицияга башчылык кылып жаткан партиянын көзгө көрүнгөн мүчөсү Генри Косгей жана полициянын мурунку башчысы Али Хусайн жөнүндө айта турган болсок, Эл аралык Соттун башкы судьясы Екатерина Трендавелованын айтымында, бул экөөсүн соттоо үчүн жетиштүү далилдер жок имиш.

3 – Бул айыптоолордон кийин билдирилген позициялар төмөнкүдөй болду:

а) Кения президенти Кибаки билдирүү берип «сот аларга каршы сунушталып жаткан айыптарды тан алмайынча, өзү айыпталышы мүмкүн эмес» деп билдирди. Ал кошумчалап «бийлик ар дайым сак турат, өз жарандарынын укугу жана намысы урматталышына аракет кылат» деди. Ал кениялыктарды «тынчтанууга» чакырды.

б) Обама Кенияны Эл аралык Сот менен кызматташтык кылууга чакырып мындай деди: «Кениянын бардык жетекчилери жана калк текшерүү өткөрүү боюнча Эл аралык Сот менен толук кызматташтык кылуулары зарыл жана бүткүл этибар реформаларды ишке ашырууга жана улуттун келечегине каратылышы керек».

в) ал эми, башкы судья айыпталуучу айыбы далилденмейинче айыпсыз деп билдирди.

г) Айыпталып жаткан негизги эки адам сот токтомуна карабастан, шайлоо жарышына киришет. Ал эми, азыркы президент Кибаки үчүнчү жолу

өз талапкердигин коё албайт. Бирок, премьер-министр Одинга өз талапкердигин көрсөтүшү мүмкүн. Белгилүү болгондой, Кениядагы жогорку сот 2012-жылы 13-январда президенттик шайлоонун убагы кескин таризде 2012-жылы августтан 2013-жылдын март айына кечиктирилгенин жарыя кылган.

Жогоруда айтып өткөнүбүздөй Кениядагы эң чоң уруу кекуйянын саясий жетекчиси Кениата Одинганы колдоп жаткан каленгин жана луо урууларына каршы өч алуу иштерин өткөрүү үчүн Мунгики кылмышкер тобун түзгөндүктө айыпталууда.

Одинганын мурунку союздаштарынын бири Руто да зомбулук окуяларында Кикую уруусунун улуттук биримдик партиясындагы Кикую тарапкерлерине каршы чабуулдарды уюштургандыкта айыпталууда.

•**Жогоруда айтылып өтүлгөндөрдөн улам суроонун экинчи бөлүгүнүн Жоопу төмөнкүдөй:**

а) Эл аралык Сотту Европа түзгөн жана ал Европанын каалоосу боюнча иш алып барат. Ошондуктан, бул сот аралашууну артка созду. Сеебеби, Кибаки тобу зомбулукта чоң роль ойногон. Кениата да Одинганы колдонуп жаткан Каленжин жана Луо урууларынан өч алуу үчүн Кикую уруусунун Мунгики кылмышкер тобун түзгөндүктө айыпталууда. Одинганын мурунку союздаштарынын бири Руто да Кикую тарапкерлерине жана ушул уруунун Улуттук Биримдик Партиясына каршы чабуулдарды уюштурган болсо да, бирок, зомбулук окуяларында эң чоң ролду Кениата жана Кибакинин тарапкерлери ойноду. Ошондуктан, Эл аралык Сот Европанын (Британия) малайлары болгон Кениата жана Кибаки эң чоң айыпкер болуп калбашы үчүн ишти кечиктирди.

б) Америкага келсек, ал да соттоону каалайт, бирок, муну Одинга жана анын тобуна каршы токтомдор чыкпашын кепилдегенден кийин кылмакчы. Америка өзүнүн адамдарынын экөөсү айткан төмөнкү сөздөрүнөн кийин өз каалосуна жетишти десе да болот:

Биринчиси: Американын малайы Кофи Аннан 2010-жылы мартта басма сөз конференциясын өткөрүп Эл аралык Сот жакында өз иштерин башташын айткан. Бул болсо, ушул сотту жана анын башкы каралоочусун кыйын абалга салып койду. Ошондон кийин 2010-жылы 6-сентябрда Кения менен келишим түзүлүп сот өз ишин баштоого чечим кабыл алды.

Экинчиси: Американын малайы Башир Кения президенти Кибакинин сунушу менен Кенияга келди. Негизи, Эл аралык Сот Баширди сотко тартууну талап кылууда. Бул болсо, Баширдин бул сапарын Эл аралык Сотту теңсинбегендей көрсөтүп коёт.

Америка эки абалда тең утушка жетишти. Себеби, Аннандын сөздөрү Эл аралык Соттун иш башташын тездеткен болсо, Баширдин сапары сотту кандайдыр бир деңгээлде Кибаки жана анын тобуна каршы козгоду. Натыйжада, соттун токтомдору Американын тынчсыздануусун артта калтырды. Америка соттун жан үрөп Кибаки жана Кениатанын жан тартышынан корккон эле. Тескерисинче, токтомдор дээрлик тең салмактуу таризде чыкты жана бул токтомдор дээрлик Одинганын пайдасына өзгөрө баштады. Себеби, сотко келүүнү буюрулган төрт адамдын экөөсү чоң таасир ээлери болуп, алар: Кибаки тобундагы Кениата жана мурунку Одинга тобунда болгон Руто. Суроонун биринчи бөлүгүндөгү жоопто айтып өткөнүбүздөй Руто 2010-жылдан тартып Одингага карата өз позициясын өзгөртүшүнөн мурун Одинга тобунда эле. Кибаки үчүнчү жолу өз талапкердигин коюга мүмкүн болбогондуктан, демек, англистер Кениатаны президенттик мансабына алып келүүгө аракет кылышат. Ал – айтып өткөнүбүздөй – алардын мурунку малайы Кениатанын уулу. Эгер, айыптоо токтомдору Кениата жана Рутонун өз талапкердигин койбоосуна таасир кыла турган болсо, демек, бул Одинганын пайдасына болот… Анткени, бул маселедеги негизги фактор Кениата талапкердигинин көрсөтүлбөшү. Себеби, Руто өз талапкердигин койгон тагдырда да анын талабы тез өзгөрүп турат жана анын кайгысы мансапка жетүү гана. Ошондуктан, ага бирер кызмат

убада кылынса, демек, аны менен Одинга ортосундагы проблеманы чечүү кыйын болбойт!

Андыктан, соттун токтомдору Кибакини тынчсыздандырган болсо, Обаманы, арийне Одинганы кубантты. Кибаки жана Обаманын жогоруда көрсөтүлүп өткөн сөздөрү ушул мазмунда болду.

Муну менен бирге, Эл аралык Соттун айыптоо жана текшерүү өткөрүү менен эле чектелиши, өкүм чыгарууну кечиктириши күтүлүүдө… Ошондуктан, күчтүүрөөк божомол ушул, эки талапкер өз талапкердигин коюуну улантат. Бул экөөсүнүн сөздөрүнөн, сот төрагасынын билдирүүсүнөн о.э. Кибакинин сөздөрүнөн анык көрүнүп турат. Эгер, саясий майданда жаңы нерселер жана окуялар жаралбаса абал ушундай көрүнүштө улана берет…

Бирок, кандай болбосун Америка сот токтомдорун Одинга тобунан көрө көбүрөөк Кибаки тобуна зыян жеткире турган токтомдорго же эч болбогондо ушуга окшогон токтомдорго айлантууга жетишти. Акыйкатта болсо, европачыл соттун ачык-айкын Кибаки тобунун пайдасына, Одинга тобунун болсо зыянына токтомдорду чыгарышы күтүлгөн эле.

**20-робиус-саний, 1433-х.**

**13-март, 2012-м.**

## Кениядагы акыркы окуялар тууралуу

**Суроо:** *Акыркы кездерде Нигерия менен Кениядагы айрым абалдар, окуялар жана шарттар күзөтүүчүлөрдүн этибарын тартты... Бул нерсе Кошмо Штаттар, Бириккен Королдук же башка күчтөр Африканын бардык тараптарында болуп жаткан жарандык согуштарды азыр Нигерияда, 2007-жылдагы шайлоолордон кийин болсо Кенияда курчутуу үчүн жаңы саясат жүргүзүп жатканын түшүндүрөбү же бул ички окуяларбы?*

**Жооп:** Биринчиден: Кенияда болуп жаткан күрөш жана түрдүү уруулар ортосунда токтобой келе жаткан кескиндиктер – Кошмо Штаттар менен Бириккен Королдуктун ортосундагы 2013-жылы мартка белгиленген президенттик шайлоо жаатындагы атаандаштыктын натыйжасы. Бул

англис-америка күрөшү негизинен азыркы президент Кибаки жана президенттикке талапкер Кениата (бул экөөсү англистер малайы) менен Американын малайы, президенттикке талапкер премьер-министр Райла Одинга ортосунда болуп жатат. Бул күрөшкө 2007-жылдагы президенттик шайлоонун натыйжалары себеп болду. Бул натыйжалардан улам Одинга жана аны колдогон-кубаттаган америкалыктар менен Кибаки жана аны колдогон англистер ортосунда чоң жаңжал жүзөгө келди.

Кибаки менен Кениата бир тектеги этникалык Кикую тобуна таандык, ал Кениядагы эң чоң тектик топ болуп эсептелет. Райла Одинга болсо Луо тобуна таандык, ал Кениядагы үчүнчү эң чоң тектик топ болуп саналат. Кибаки менен Одинга ортосундагы о.э. өз ара союз түзгөн уруулар ортосундагы күрөш көп абалдарда Кошмо Штаттар менен Бириккен Королдук ортосундагы бийлик үчүн күрөштү айгинелейт.

Президенттик шайлоо жакындашы менен шайлоодон мурун өз утуштарын бекемдөө үчүн түрдүү топтор ортосундагы кескиндиктер дагы да күчөп жатат. Азыр Кошмо Штаттар тарабынан да, Бириккен Королдук тарабынан да күрөштөрдү келтирип чыгаруу үчүн ички согушту пайда кылууга жана абалды кескин, туруксуз абалда калтырууга атайын аракет жок. Тескерисинче, азыр президенттик шайлоодон мурун саясий упайларды алуу же президенттик шайлоону кечиктирүү мүмкүнчүлүгүнө ыктоого карай багыт күтүлүүдө. Эгер, өз ара күрөшүп жаткан Америка менен Британия күрөш өз талапкеринин жеңишине алып келбейт деп билсе, шайлоо кечиктирилиши мүмкүн... Ушул себептен улам, Америка Кибакинин шайлоону айкын, эркин жана таза өткөрүү зарылдыгын катуу баса белгилөөдө, максат, Одингага Кениатаны жеңип чыгышы үчүн чоң мүмкүнчүлүк берүү. Ошондуктан, Кошмо Штаттардын аралашуусу түздөн-түз аралашуу даражасына жетти, себеби Америка мамлекеттик катчысы Клинтон ушул айдын башында Кенияга жасаган сапарында мындай деди: «Кошмо Штаттар шайлоонун эркин, таза жана айкын өтүшүн кепилдөө үчүн

Кениядагы бийликке жардам көрсөтүү жөнүндө убада берди, биз бүткүл дүйнөгө чыныгы үлгү боло турган шайлоого даярдык көрүүгө чакырабыз». Бирок, Клинтон бул нерсе оңой вазыйпа эмесин, себеби бул жерде көптөгөн даярдык иштерин ишке ашыруу керектигин моюнга алды: «Бирок, биз бул жерде токтомдор кабыл алынышы жана бир нече мыйзамдар өткөрүлүшү керек болгон көптөгөн иштер бар экенин жакшы түшүнөбүз». *(Клинтон Кениядагы шайлоо учурунда кан төгүлүшүн алдын алуу үчүн Кошмо Штаттардын жардам беришин убада кылууда – Гардиан Онлайн, 2012-жыл 4-август)*.

Шек-күмөнсүз, Америка Одинганын шайлоодо жеңишке жетпей калышынан дале кабатырланууда, ошондуктан шайлоо жараянына аралашууну көздөөдө. Бул болсо Британиянын – Америка аралашуусуна тоскоолдук кылууга урунуп – Кибаки, Кениата жана өзүнө көз каранды элита о.э. Кикую уруусу аркылуу кескиндикти дагы да курчутушуна алып келет.

Ошону менен бирге, бул жерде учурдагы кескиндик курчуткан бир маселе бар, ал да болсо, Кибакинин 2012-жылы март айында Кенияда нефть бар экендиги аныкталганын жарыя кылышы *(Кения акыркы аныктоолордон улам Африка нефть секиригине кошулууда – Christian Science Monitor, 2012-жылы 9-май)*. Табигый түрдө, бул, Британия менен Кошмо Штаттардын ортосундагы күрөш кескиндигин дагы да курчутту, себеби бул эки колонизатор өз трансулуттук компанияларынын Кения нефтисине кожоюн болуп алышын камсыздоо үчүн өз ара атаандашат. Кала берсе, бул эки колонизатор мамлекет курч экономикалык кризисти башынан өткөрүп жатканда Кенияда нефть аныкталууда.

## Кипр маселеси боюнча берилген суроолорго жооптор

### Грецияга караштуу түштүк Кипр республикасынын нефть чабуулу

Кипрдин Грецияга караштуу түштүк бөлүгүндөгү Түштүк Кипр республикасы Жер Ортолук деңизиндеги жээктеринен нефть жана табигый

газ запасын аныктоо боюнча баштаган тендердин биринчи баскычы аяктады. Тендер өткөзүлүшүнө себеп болгон он бир деңиз паромунун ичинен үчөөсүнө гана тендер өткөрүлдү. Тендерде кыркка жакын компаниялардын катышуусу күтүлгөн болчу. Бирок, анда болгону Американын анчалык аты чыкпаган «Нобл энерго» (Noble Energy) компаниясы менен Англиянын «Бритиш консорциум» (British Consortium) бирикмеси гана катышты. «Бритиш консорциум»дун курамына үч компания кирет, алардын бири Англия компаниясы, экинчиси Норвегия компаниясы жана үчүнчүсү Бириккен араб эмираттарынын компаниясы.

Эми бул тендердин бузулуша алып келген факторлорго токтолсок, алар төмөнкүлөр:

1) он бир деңиз паромунда алып барылган изилдөө, бургулоо иштеринин натыйжасында нефтиден көрө көбүрөөк табигый газ бар экендиги аныкталды.

2) нефть запасы бар болгон күндө да, ал деңиздин эң терең бөлүгүндө жайгашкан болот. Бул болсо, аны казып алуу үчүн эки эсе көп каражат сарптоону талап кылат.

3) Кипр маселесинин чечилбегенинен келип чыгып, Түркиянын буга терс мамиле билдириши.

4) Американын буга көңүл бурбоосу.

Эми биринчи факторго токтолсок, Жер Ортолук деңизинин чыгыш зонасында нефтинин көлөмү аз дешке али эрте. Тескерисинче, бул жерде көп нефть запасы бар экендиги жөнүндө прогноздор бар.

Экинчи факторго келсек, эгер нефть баалары көтөрүлүп, бир баррель нефтинин баасы 70 доллардан ашып кеткенин этибарга алсак, азырынча нефть баасынын жакынкы келечекте төмөндөшүнө далалат кылган эч кандай белгилер жок. Дүйнө бойлоп нефть булактары үзгүлтүксүз азайып барууда. Жер Ортолук деңизинин тереңдиктеринен нефть казып алуунун кымбатка түшүшү компаниялардын бул изилдөө иштерин өткөрүүгө катышуудан баш

тартуусунун чыныгы фактору эместиги анык. Ушуну да көрсөтүп өтүү керек, Канада, Россия жана Дания сыяктуу мамлекеттер абдан чоң сарп-каражат жумшап, нефть казып алууну улантууда. Нефть муз астында болгондуктан, же топурак аралаш болгондуктан, же башка оор шарттар себептүү мына ошондой кымбатка түшүүдө.

Эми үчүнчү факторго келсек, Аннандын Кипр маселесине тиешелүү планы бузулгандан кийин, БУУ кулуарларында бул проблемага тиешелүү бир жаңы чечим долбоору даярдалган жок. Башка тараптан болсо, Кипр маселеси Түркия, Греция, Европа союзу жана Американын назарында биринчи даражадагы маселелердин катарынан чыгып калды. Тескерисинче, Түркия менен Греция ички саясий кризистерди жана жаңы доорду башынан өткөрүүдө. Ал эми, Европа союзунун бул маселеге болгон этибары мурункуга караганда төмөндөп кетти. Америка болсо, Ирак менен Афганистан сыяктуу мындан көрө маанилүүрөөк маселелерден бошобой жатат.

Эми төртүнчү жана эң маанилүү факторго токтолсок, Аннандын бул кризисти чечүүгө тиешелүү планы жокко чыккандан кийин, Америка бир жаңы чечим жүзөгө келгенге чейин кырдаалды жумшартып турууга аракет кылды. Ошондуктан, Америка кипрдик түрктөрдүн лидери Мухаммад Али Талъат менен кипрдик гректердин лидери Тасос Бабадолуска – 2006-жылы 6-июлда кол койгон келишим боюнча аракетти улантасыңар жана сүйлөшүүлөрдү кайра баштайсыңар – деп басым өткөрүүдө. Мына ошол басымдардын натыйжасында Талъат Бабадолуска кат жазып, аны жаңыдан жолугушууга чакырды, буга Бабадолустан оң жооп алды. Ошентип, сентябрь айында Түркияга караштуу түндүк бөлүктөгү түндүк Кипр республикасынын президенти Мухаммад Али Талъат менен Грецияга караштуу түштүк бөлүктөгү түштүк Кипр республикасынын президенти Тасос Бабадолустун ортосунда жолугушуу болуп өттү. Бул жолугушуудан эч кандай маанилүү

натыйжалар күтүлбөсө да, бирок, бул жолугушуунун өзү экөөсү үчүн бир маанилүү белги болуп эсептелет.

Талъат үчүн анын мааниси, Кипр маселесин кайра жандантып, аны дагы күн тартибине коюуда. Мындан тышкары, ал аркылуу түрк тарабы өзүнүн оң маанидеги жандашуусун дагы эле улантып жатканы көрүнөт. Башка тараптан болсо, Талъат мындай жолугушуу түрк тарабынын «алдыга жылышына» тиешелүү отчётко таандык нерселер жаатында Түркияга керек болушу мүмкүн деп эсептейт. Бул отчёт октябрь айында чыгып, Европа союзуна сунушталат. Себеби, Европа союзу Түркия түштүк Кипр республикасынын мыйзамдуулугун тан алмайынча жана грек кемелерине өз портторун ачып бермейинче Түркия менен бардык сүйлөшүүлөрдү токтотууну о.э талкуудан четте калган бөлүктөрдүн бардыгын толук аягына жеткирбөөнү чечкен. Ошондуктан, демек, Кипр маселеси боюнча түрк менен грек тараптарынын ортосунда болуп өткөн ийгиликтүү жолугушуу түрк тарабынын алдыга жылышы боюнча Еврокомиссияга сунушталып жаткан отчётко Түркиянын пайдасына дагы бир жаңы пункт киргизет.

Ал эми, Бабадолус үчүн бул жолугушуунун мааниси мындай, ал келерки жылы түштүк Кипрде боло турган шайлоолорго даярдануу үчүн ийгиликтүү кадам таштоону каалайт. Анын Талъат менен жолугушканы анын бул маселеге карата көз карашы өзгөрдү деген маанини түшүндүрбөйт. Тескерисинче, анын бул жолугушуусу шайлоолор алдынан өзү үчүн жакшы чөйрө жаратып алуудан нарыга өтпөйт. Себеби, анын Кипр маселесине болгон карашы дагы эле ошол бойдон, таптакыр өзгөрбөгөн т.а. анын көз карашы түрк армиясынын чыгарып жиберилишин талап кылат. Буга түштүк Кипр республикасынын жаңы тышкы иштер министри Марколиндин «NTV» түрк телеканалына берген интервьюсу далалат кылып турат. Ал мындай деген: «Кипр маселеси түрк куралдуу күчтөрү чыгарып жиберилиши менен чечилиши мүмкүн». Т.а. ал кипрдик түрк тарап жана түрк өкмөтү менен алып

барылган саясий сүйлөшүүлөр проблеманы чечүү үчүн жетиштүү эместигин кыйытты.

Эми мындай кырдаалда нефть изилдөө иштеринин алып барылышына келсек, түштүк Кипр республикасы бул маселени Жер Ортолук деңизиндеги өз региону үстүнөн өкүмдарлыгын көрсөтүү, сүйлөшүүлөргө тиешелүү нерселер жаатында кошумча «көзүр карталарга» ээ болуу о.э. өзү менен Түркия ортосундагы абалды андан ары да курчутуу үчүн атайлап ойлоп тапкан. Эми өз өкүмдарлыгын көрсөтүү эмне үчүн керектигине токтолсок, анын максаты өзүн тан алдыруу үчүн Түркияга басым өткөрүү. Сүйлөшүүлөрдө кошумча «көзүр карталарга» ээ болууну көздөгөн максатына келсек, бул нерсе жөөт вужуду Палестинада колдонуп жаткан тактиканы эсибизге салат. Түркия менен кескиндикти дагы да күчөтүүдөн көздөлгөн максат эки тармактан көрүнөт. Биринчи: Түркия да Жер Ортолук деңизиндеги он үч деңиз паромунун жардамында нефть изилдөө иштерин баштаган болчу. Муну дипломатиялык аракеттер башы туюк көчөгө кирип калгандан кийин даана көрүнүп калган боштук акыбетинде грек Кипри баштаган нефть чабуулуна каршы чабуул менен жооп берүү үчүн кылды. Конфронтация (карама-каршылык) Түркияга караштуу он үч деңиз паромдорунун бири менен грек Киприне караштуу он бир деңиз паромдорунун бири ортосунда жүз берип жатканын көрсөтүп өтүүдө. Экинчи: Азыр Кипр маселесин чечүү үчүн ортого ташталган чечим долбоорлору жок болгон соң, демек, түштүк Кипр мындай кадамдары аркылуу өзүнүн бул аралдагы азыркы позициясын күчөтүүнү жана бекемдөөнү максат кылууда. Түркияга караштуу түндүк Кипр республикасынын президенти Талъат муну түшүндү. Ошондуктан, ал Түркиянын «NTV» телеканалы менен болгон маегинде Аннан планынын олуттуу эместигин сынга алып, бирер жаңы чечим планы ортого ташталбаса, аралдагы бөлүнүү абалынын андан да күчөп кетүү ыктымалына этибарды каратты.

Булар нефть маселесине тиешелүү алыскы келечектеги нерселер. Эми жакынкы келечектеги максаттарга келсек, бул максаттар шайлоолорго багыттандырылган. Себеби, нефть изилдөө маселеси алгачкы жолу ортого ташталган убакта Грецияга караштуу түштүк Кипр республикасынын өкмөтү Египет жана Ливан компаниялары менен келишим түзмөкчү болду. Бирок, бул компаниялар Американын басымдары себептүү келишим түзүүдөн баш тартышты. Мунун натыйжасында түштүк Кипр өкмөтү Коопсуздук кеңешинин мүчөсү болгон Франциянын, Россиянын жана Кытайдын этибарын тартууга урунуп көрдү. Бирок, мында да ийгиликке жетише албады. Англиянын жашыруун колдоосун эсепке албаганда, Эл аралык колдоого жетише албаган соң, тендер өткөрүү мөөнөтүн 15-августка кечиктирди. Негизи, аны өткөрүү 15-июлга болжолдонгон эле. Тендерде катышуучулар санынын аз болушу мүмкүндүгүн шылтоо кылып ушундай кылды. Азыр болсо, 15-августта өткөрүлгөн тендердин натыйжалары ушул жылдын аягына чейин үйрөнүлүп чыгышын жарыя кылды. Ал эми мындан максат, нефть маселесин жылдын аягына чейин козголгон жана талкууланган бойдон калтыруу о.э. түштүк Кипр республикасында өткөрүлө турган шайлоолордон мурун компаниялардын бири менен бир ай ичинде т.а. 2008-жылы январь айында келишим түзүү.

**16-шаъбан 1428-х.**

**29-август 2007-м.**

## Жигиттер үчүн маалымат

## Түштүк Кипр республикасындагы президенттик шайлоо жана ыктымалдагы натыйжалар

Кипр аралынын басып алынган түштүк бөлүгүндөгү жасалма мамлекетте ушул айда президенттик шайлоо болуп өтөт. Шайлоонун 17-февралдагы биринчи баскычында эң көп добуш алган эки талапкерге 24-февралдагы экинчи баскычта кайрадан добуш берилет. 2008-жылы 18-

январда талапкерлер жарыяланды. Президенттик мансапка тогуз кишинин талапкерлиги көрсөтүлдү. Алардын эң көрүнүктүүлөрү төмөнкүлөр:

1. Республиканын азыркы президенти Тасос Пападополос - демократиялык партия (DIKO) тарабынан талапкер болуп көрсөтүлдү.

2. Парламенттин азыркы спикери жана «Өнүгүү элдик жумушчулар партиясы»нын (AKEL) башкы секретары Дмитрос Хрестофияс.

3. Европарламенттин мүчөсү, «Демократиялык биримдик» партиясынан (DISY) талапкер болуп көрсөтүлгөн Эйонанес Касолидас.

2001-жылы болуп өткөн шайлоолордо «Демократиялык партия» (DIKO), «өнүгүү элдик жумушчулар партиясы» (AKEL) жана «Социал-демократиялык кыймыл партиясы» (EDEK) – ушулардан турган коалиция бир добуштан Дмитрос Хрестофиясты парламент спикери кылып шайлашкан. 2003-жылы февраль айында, Тасос Пападополосту республика президенти кылып шайлоо чагында да бул коалициядагылар биргеликте аракет кылышкан. Бирок бул коалиция 2007-жылы июлда республика президентин шайлоодо өз ара келишпестикке туш келди. Бул болсо анын таркап кетишине алып келди. Анткени «Өнүгүү элдик жумушчулар партиясы» (AKEL) коалиция наамынан Дмитрос Хрестофиястын талапкерлигин көрсөтмөкчү болду. Бирок ал «Демократиялык партия» (DIKO) жана «социал-демократиялык кыймыл партиясы» (EDEK)тин каршылыгына учурады. Келишпестик «Өнүгүү элдик жумушчулар партиясы» (AKEL) кимди талапкер кылып көрсөтүү керектиги жөнүндөгү токтомду – коалициядагы партиялардын эң чоңу болгондуктан – өзү кабыл алышын шарт кылып койгондугунун натыйжасында пайда болду. Бул келишпестиктин натыйжасында «Өнүгүү элдик жумушчулар партиясы» (AKEL) коалициядан чыкты. Июль айынын аягында Тасос Пападополос билдирүү берип, президенттикке эки партия, «DIKO» жана «EDEK» партиясынан өзүнүн талапкерлиги көрсөтүлүшүн маалымдады. Коалициялык өкмөттө шерик болгон «AKEL» партиясы болсо өзүнүн президенттикке

көрсөтө турган талапкери «Демократиялык биримдик партиясы» (DISY)нин колдоосу менен Дмитрос Хрестофияс болушун жарыя кылды.

«DIKO», «AKEL», «EDEK»тин ар бири англичандарга малай партиялар болуп, бул нерсе ушул партиялардын Кипр маселесин чечүүгө тиешелүү Кофе Анан (Америка) планына каршы чыгышында даана көзгө көрүндү. «DISY» партиясы болсо Америкага малай партия.

«Өнүгүү элдик жумушчулар партиясы» (AKEL) коммунисттик партия болуп, анын башкы секретары Дмитрос Хрестофияс. Ал 2006-жылдагы шайлоо натыйжаларына ылайык, түштүк Кипрдеги эң чоң партия болуп саналат. Ошондо бул партия 32,3% добушка ээ болгон.

«Демократиялык биримдик партиясы» (DISY) болсо негизги оппозициялык партия, ал Никос Анастасиядис башчылыгындагы (оңчул да, солчул да болбогон) чордончул партия. Ал Кофе Анан планы тарапкерлеринин бири. Ал 2006-жылдагы шайлоолор натыйжаларына ылайык түштүк Кипрдеги экинчи чоң партия. Ошондо ал 30,3% добушка ээ болгон.

«Демократиялык партия» (DIKO) болсо оңчулдукка жакыныраак болгон нейтралдуу партия. Негизинен анын башчысы (парда артында) Тасос Пападополос. Бирок азыр ага Марйос Кароян деген башка адам башчылык кылууда. Бул партия 2006-жылдагы шайлоо натыйжаларына ылайык түштүк Кипрдеги үчүнчү чоң партия. Ошондо ал 17,9% добушка ээ болгон. Ушуну да көрсөтүп өтүү керек, Тасос Пападополос жашыруун түрдө Рим ортодоксал (православ) чиркөөсүнөн көмөк жана жардам алып турат. Бул чиркөө аралдын түштүк бөлүгүндө сезилерлик таасирге ээ.

«Социал-демократиялык кыймыл партиясы» (EDEK) социалисттик партия болуп, 2006-жылдагы шайлоо натыйжаларына ылайык 8,9% добуш алган.

«Демократиялык биримдик партиясы» болсо Америкага малай болгон кичи либерал партия, анын негиздөөчүсү мурунку президент Василиос.

Кийинки мезгилдерде бул партияга «Өнүгүү элдик жумушчулар партиясы» (AKEL)ден бөлүнүп чыккан адамдар келип кошулду. Бул партия Кофе Анан планы тарапкерлеринен. Анын Дмитрос Хрестофиясты колдоп-кубатташы көбүрөөк «AKEL» партиясынан бөлүнүп чыгып ага келип кошулган адамдар таасири натыйжасында жүзөгө келген. Бирок бул нерсе шайлоолорго анчейин маанилүү таасир көрсөтпөйт.

Талапкерлер артында турган партиялар вакыйлыгын о.э. шайлоого тиешелүү коомчулук пикирин сурамжылоо натыйжалары жакшылап күзөтүлсө, талапкерлердин эч бири шайлоонун 17-февралда болуп өтө турган биринчи баскычында 50%дан көбүрөөк добуш алышы ыктымалы жоктугу айкын болот. Мисалы, «Өнүгүү элдик жумушчулар партиясы» (AKEL)дин секретары Дмитрос Хрестофиястын эң көп добуш алган талапкерлердин бири болушунун ыктымалы күчтүү. Эгер ал шайлоонун биринчи баскычында үчүнчү орунда болсо, ушундай болушу мүмкүн. Анын эң көп добуш алган талапкерлер ортосунда болуп өтө турган шайлоонун экинчи баскычында Тасос Пападополости колдоосунун ыктымалы да бар. Ал эми эгер Тасос Пападополос жана Дмитрос Хрестофиястын ар бири шайлоонун экинчи баскычына жетип келе турган болсо, анда «демократиялык биримдик партиясы» (DISY)нин добуштары маселени чечет. «DISY» партиясы Дмитрос Хрестофияска колдоо көрсөтүшү көбүрөөк ыктымалдуу болуп жатат. Ошондуктан тогуз талапкер арасынан президенттик мансапка дагы Тасос Пападополостин же Дмитрос Хрестофиястын келиши күтүлүүдө.

Эми бул шайлоонун Кипр маселесине кандай таасир көрсөтүшүнө токтолсок, Кипр маселеси аралдын түштүк грек бөлүгү 2004-жылы өткөрүлгөн сурамжылоолордо Анандын планын четке сүргөндүгү себептүү чечилбестен калып кетти. Кипр маселесине тиешелүү акыркы учурларда ташталган кадамдардын эң этибарлуусу Кипрдин Греция басып алган түштүк бөлүгүндөгү республика президенти Тасос Пападополос менен Кипрдин түндүк түрк бөлүгүндөгү республика президенти Мехмет Али Талъаттын

2007-жылы 8-июлда Лифкошадаги учурашуусу болду (Лифкоша – түндүк түрк Кипр республикасынын борбору, ал эки бөлүк ортосунда бөлүнгөн Никосия шаарынын жарымы). Бул учурашуу БУУ башкы секретарынын Кипрдеги атайын өкүлү Иброхим Жумбурий демөөрчүлүгүндө өткөрүлдү. «Жумбурий доору» же «8-июль доору» деп аталган бул жаңы кадамды түштүк Кипр республикасы президенттигине көрсөтүлгөн эң көзгө көрүнгөн үч талапкер колдоп-кубаттоодо.

«8-июль доору» түштүк Кипр республикасы жетекчилиги Жер Ортолук Деңизинде нефть изилдөө иштерин алып баруу үчүн тендер өткөрүшү талкууланып жаткан бир учурда о.э. түштүк Кипрдеги көзгө көрүнгөн партиялар президенттик шайлоого шуңгууга даярдык баштап жиберген бир кезде бул тармактагы жаңылык болду. Ушуга ылайык, демек «8-июль доору» Тасос Пападополостин өзүнө берилген «катып туруп алуучу киши» деген баа берүүнү өзгөртүүгө жана өзүнө болуп жаткан басымдарды жеңилдетүүгө болгон урунушунун натыйжасы. Анын бул урунушу жаңы президенттик шайлоого шуңгуудан мурун даярдык кадамы катарындагы иш болуп саналат.

Түштүк грек Кипр республикасы Анандын планын четке какты. Бул план боюнча аралды бириктирүү жана анын артынан түштүк Кипрди «Кипр республикасы» деген наам астында «аралдын толук эки бөлүгүнүн өкүлү» катары Европа союзу мүчөлүгүнө кабыл алуу максат кылынган эле. Негизи, азыр түндүк түрк Кипр республикасы эл аралык майданда тан алынбоо туурасындагы коркунучтарга учуроодо. Убакыттын өтүшү менен аралдын бул эки бөлүгү ортосундагы чоң экономикалык айырма да барган сайын күчөп барууда. Азыр грек бөлүгү тарабынан бирер чечимге жетишүүгө жакындаштыра турган эч бир маанилүү жан берүүлөр аткарылган жок. Ошондуктан Кипр маселесинин жакынкы келечекте толук чечилиши күтүлбөйт.

Азыркы абалда эгер Томас Пападополос дагы президент болуп шайланса, анда маселенин чечилиши алдыга жылбашы, балким катып

калышы күтүлөт. Мунун каршысында Дмитрос Хрестофиястын наамы чечүүгө жакыныраак. Ошондуктан, эгер Америка бул президенттик шайлоого Тасос Пападополоска бериле турган добуштарга таасир көрсөтө ала турган, натыйжада Пападополос шайлоонун экинчи баскычына шуңгуй албай турган даражада басым өткөрө алса, анда «демократиялык биримдик партиясы» (DISY)нин Дмитрос Хрестофияска колдоо көрсөтүшүнүн ыктымалы күчтүү. Бул болсо Американын маселени дагы тезирээк ордунан козгоо мүмкүнчүлүгүн күчөтөт.

2008-жылдын кириши менен башталган дипломатиялык аракеттердин күчөшү Кипр маселесинин толук чечилиши түштүк Кипрдеги азыркы президенттик шайлоо натыйжаларына байланыштуу экенин көрсөтүп турат. Мына ушул дипломатиялык аракет жаңырыктарынын бири Түркия президенти Абдулла Гүлдүн Вашингтонго жасаган сапарында БУУ башкы секретары Пан Ги Мун менен учурашып, андан Кипр маселесин чечүүгө тиешелүү бирер жаңы иш-чаралар көрүлүшүн талап кылды. Мындан тышкары Греция премьер-министри Түркияга жасаган сапарында Кустас Караманлис Кипр маселеси жөнүндө оң билдирүүлөр берди (анын бул сапары Греция премьер-министринин 49 жылдан берки ушул түрдөгү биринчи сапары болуп эсептелет) жана натыйжада Түркиянын Европа союзуна мүчө болушу жаатындагы сүйлөшүүлөргө тиешелүү нерселерде Кипр маселесине таандык бир катар тоскоолдуктарды ордунан козгоду.

Бул жерде өткөн жылдан баштап азырга чейин жаңырып турган башка бир багыт да бар. Ага ылайык Ислам конференциясы уюмуна мүчө болгон мамлекеттердин түндүк түрк Кипр республикасын тан алуу, аны менен соода жана маданий алакаларды орнотуу жана эки тарапты ыраазы кыла турган чечимди вужудга келтирүүгө карай аракет кылып, түштүк грек Кипр республикасына басымдар өткөрүү маселесин талкуулоо үчүн жыйын өткөрүшү күтүлүүдө. Ушул алкакта Сирия менен түндүк Кипр ортосунда тез

жүрүүчү кемелер каттамы ишке түшүрүлдү. Бул болсо мына ушул саясаттагы биринчи кадам болуп саналат.

**9-сафар, 1429-х.**

**15-февраль, 2008-м.**

## Кипр маселеси

**Суроо:** *2012-жылы 3-мартта түрк бийлигиндеги Европа Союзунун иштери боюнча министр жана сүйлөшүү алып барып жаткандардын чоңу Эгемен Багис британ жооптуулары менен жолугушуу үчүн Британияга сапар жасап «Кипр» гезитинин кабарчысына интервью берип мындай деди: «Кипр чечими боюнча бардык варианттар сүйлөшүү столуна коюлган. Чечим эки жетекчинин ортосундагы келишим менен федерация (федерациялык мамлекет) формасында болушу мүмкүн болгондой (мамлекет ичиндеги) эки мамлекет көрүнүшүндө болушу да мүмкүн, бул эки жетекчинин ортосундагы чечимге тиешелүү келишим менен ишке ашат, Кипрдин түндүгү Түркияга кошулушу менен болушу да мүмкүн. Бардык варианттар сүйлөшүү столунда турат. Бирок, биз Кипрде эки мамлекеттин бир мамлекет курамында биригишин үмүт кылып, элестетип жатабыз». Бирок, түрк министри нукура чечимди т.а. Кипрдин бүтүндөй Түркия курамына кошулушун айткан жок. Себеби, Кипр Түркиянын ажырагыс бир бөлүгү болгон. Бул билдирүүлөр түпкүлүгүндө эмнени түшүндүрөт? Аллах силерди жакшылык менен сыйласын.*

**Жооп:** Түрк министри эски Америка долбоорун ортого салды. Себеби, Америка бул планын өткөн кылымдын жетимишинчи жылдарынан тартып ортого таштаган. Бул план боюнча ушул арал эки өзүнчө мамлекетке бөлүнүшү керек же эки мамлекет катары бир мамлекет т.а. федерация же конфедерация курамында болушу керек же Кипрдин түндүгү Түркияга, түштүгү болсо Грецияга кошулушу керек.

Бирок, Кипрдин түштүгү мамлекет катары Европа Союзуна мүчө болуп калгандан кийин түштүктүн Грецияга кошулушу жөнүндөгү ар кандай пикир божомолдон алыс болуп калат. Себеби, ал Греция сыяктуу Европа Союзунун толук кандуу мүчөсү болуп эгемендүү болуп алган, ага өзгөчө этибар берилет. Себеби, ал июль айында Европа Союзуна кезектеги төрагалыкка жетекчилик кылат. Греция болсо, азыр жаман абалда, айрыкча анын экономикасы жаман абалда. Ошондуктан, түштүктөгү адамдар ага кошулууну көп деле макулдай бербейт. Аларда диний фанатизм менен тыгыздашкан грек улутчулдук туйгулары бар болсо да, бирок алар муну анчейин макулдабайт.

Ушул себептен улам, Түркиянын коркунучу бир тараптуу жүзөгө келип жатат. Бул түрк жооптуусу ушул жөнүндө Кипр маселеси пайда болгондон бери т.а. Америка өткөн кылымдын элүүнчү жылдары Кипрде бир катар иштерди ишке ашырууну баштагандан бери сөз кылып жаткан алгачкы окуя. Ошондо, Америка Британиянын Кипрдеги таасирине таасир өткөрүү, аны ал жерден кууп аралды өзү ээлеп алуу максатында бир катар иштерди жасаган. Акыбетте, Британия 1960-жылы Кипрге үстүртөн эгемендүүлүк берген болду жана ага насраний руханий патриарх Макарияны башчы кылып тикелеп, өзүнүн малайы Рауф Денкташты мусулмандардан өкүл катары анын орун басары кылып койду. Муну менен арал бүтүндөй дагы Британия чеңгелинде калып кетти.

Көрүнүп тургандай, түрк коркунучу Кипр жаатында британиялыктар менен алып барылып жаткан сүйлөшүүлөр алга жылбай калгандан кийин жүзөгө келүүдө. Себеби, министр Эгемен Багис Британия тышкы иштер министри Уильям Хейг менен жолугушуп, 2012-жылы 3-мартта ушул гезитке берген интервьюда мындай деп кошумчалады: «Британия эки тарапты кылдат күзөтүп турат, бирок, мен Британия өз таасирин ишке салууга алакадар нерселерде активдүү аракет кылып жатканын көрбөй жатамын. Биз бул маселеде Британияны канааттандырууга аракет кылдык. Британия Кипр

боюнча кепилдикке алган мамлекеттердин бири болгону үчүн биз Британия дагы да активдүү саясий иш алып барышы керек жана күчтүүрөөк таризде натыйжалуу роль ойношу керек деп билебиз».

1 – Мындан британиялыктар Америка ортого салып жаткан чечимдерди каалабай жатканы көрүнүп турат. Түрк министри болсо бул чечимдерди дагы ортого таштады. Британиялыктар тышынан бул маселенин чечимин колдоп-кубаттап жаткандай болуп көрүнүп жатышкан болсо да, бирок, алар бул чечимди каалашпайт. Себеби, британиялыктардын Кипрде эки маанилүү аскерий базалары бар, аларда 24 миңден ашуун британиялык аскерлер жайгаштырылган, мындан тышкары бүткүл регион бойлоп тыңчылык кылуу жана күзөтүү үчүн разведка аппаратуралары да орнотулган. Британия 1964-жылы кол коюлган келишим боюнча кепилдикке алган мамлекеттердин бири. Бул келишим боюнча Британия, Түркия жана Греция кипрдик гректер түрк мусулмандарга каршы уюштурган окуялардан кийин бул аралда Британия орноткон абалды кепилдикке алган мамлекеттер болгон. Муну менен Британия Кипрдеги таасирин жана аскерлеринин турушун ушул келишим боюнча сактап калган.

Кипрдин түштүк бөлүгү башка мамлекеттер жана Европа тарабынан тан алынган, ал Европа Союзунун курамына кирген. Британия болсо Европа Союзунун бир бөлүгү. Демек, Британиянын Кипрде турушу тышкы күчтүн эмес, ички күчтүн турушундай болуп калды. Европа Союзунун башка мамлекеттери мындан тынчсызданышкан жок. Тескерисинче, алар Британиянын позициясын тымызын колдошууда. Алар Кофи Аннандын планын колдоп-кубаттарын билдирип жатышкан болсо да, бирок, түпкүлүгүндө Британиянын позициясын тымызын колдоп-кубатташууда. Себеби, бул план гректердин аралда өкүмдар болушун жана түрк мамлекетинин ал жердеги таасирине чек коюуну камсыздайт. Ошондуктан, Британия Кипрде туруудан жана ал жердеги таасиринен эч качан баш тартпайт.

2 – Европалыктар Кипр маселеси деген аталышта өздөрүнүн талаптарын ишке ашыруу үчүн Түркияга басым өткөрүшүүдө. Ал европалыктар менен Түркия ортосундагы чечилбестен жаап коюлган иштердин бири. Түркиянын Европа Союзуна кошулушу каршысында чечлбестен турган бир катар иштер бар, алардын саны болжол менен 35ке жетет. Алардын арасында күрддөр маселесинен тартып алавийлер, армяндар ишине чейинки «азчылык улуттар» деген маселе сыяктуу ички маселелер, демократия, адам укугу ишинен тартып конституцияга оңдоп-түзөтүү киргизүү, шайлоолорду күзөтүү үчүн эл аралык байкоочулардын келишин кабыл алуу, аскерийлердин башкаруудагы ролун кыскартууга тиешелүү нерселер жана мындан башка иштер бар.

Европалыктардын Кипр ишине тиешелүү нерселердеги талаптарынын бири түрк портторун жана аэропортторун кипрдик гректерге ачып коюу. Бирок, Түркия буга тиешелүү келишимди аткарбады. Себеби, европалыктар кипрдик түрктөргө каршы колдонгон эмбаргону эки тарап ортосунда кол коюлган ошол келишим боюнча алып таштоо жөнүндөгү убадаларын аткарышпады. Ошондуктан, Кипр маселеси башка жети иш менен чечилбей «тоңуп» турат. Түркия бул маселе толугу менен чечилмейинче Кипрдин түштүгүндөгү гректер өкүмдар болуп турган мамлекетти тан алуудан да баш тартууда. Британия өзүнүн малайлары аркылуу Америка планына тоскоолдук кылууга аракет кылды. Бул планга БУУнун мурунку башкы секретары Кофи Аннан планы деп наам берилген. Аралдын түштүгүндөгү көпчүлүк 2004-жылы бул планга каршы добуш беришкен.

Түндүктөгү түрктөр да бул планга каршы добуш берди. Ошондо, түндүктөгү бийликке Американын малайы Мухаммад Али Талъат башчылык кылган, Эрдоган бийлиги аны жан үрөп колдоп-кубаттаган жана ушул планды жактап добуш берилиши үчүн өзүнүн бүткүл таасирин ишке салган болчу. Рауф Денкташ болсо, ошондо бул планга катуу каршы чыгып аны четке кагууга чакырган. Ал муну менен гана чектелбестен, Түркияга келип

Эрдоган бийлиги үстүнөн түрк аскерий командачылыгына арызданган дагы, түрк аскерий командачылык болсо ошондо бул бийликке каршы турчу жана Аннан планын колдобогон. Мындан Түркиядагы жана Түндүк Кипрдеги англис жана Америка малайлары ортосундагы күрөш көрүнүп турат. Мына ушул план боюнча түрктөрдү бийликке белгилүү бир көлөмдө шерик кылып аралды бириктирүү максат кылынган. Бирок, кипрдик гректердин бийликте көбүрөөк үлүшкө ээ болуусу жана түрктөрдүн өз жерлеринин бир бөлүгүн гректер пайдасына 7% өлчөмдө баш тартуусу шарт кылып коюлган болчу.

3 – Америка бул маселе аралдын түндүгү Түркияга кошулушу, түштүгү болсо өз абалында калышы жана ал жерде англистердин беймарал калышы менен чечилишине таптакыр ыраазы болбойт. Себеби, мындай болсо, англистердин аралда турушуна жана таасирине зыян жетпей турган болсо англистер муну кубанып кабыл алышат. Бирок, Америка англистердин таасирин жоготуп анын ордун өзү ээлемейинче, алардын базаларын жоготуп аралда өзү уя курмайынча буга эч качан ыраазы болбойт. Америка бул аралда англистер менен элүү жылдан көбүрөөк убакыттан бери күрөшүп келүүдө. Ошондуктан, ал өз таасирин аралдын түндүгүнө гана жаюуга, анын түштүгүндө болсо англистердин беймарал турушуна ыраазы болбойт! Англистер өздөрүнүн маалымат каражаттары аркылуу Америкага аралдын түндүк бөлүгүндө өз базаларын курушун сунуштаган, бирок америкалыктар мындай кадамга барбады. Себеби, бул, англистердин ал жерде турушун тан алуу болуп калмак. Ошондуктан, Америка Аннан планын ортого таштады. Максат, аралдын эки бөлүгүнө тең өкүмдар болуп алуу. Аралды саясий жактан жаңыдан калыптандыра алса, Америка бийлик үстүнөн кожоюн болуп алуу жана аны өзүнүн буйруктарын аткарууга мажбурлоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп алат.

4 – Түрк министринин Кипрдин түндүгүнүн Түркияга кошулушу варианты жөнүндөгү билдирүүсү – ал Американын эски планынын бири болсо да – азыр британиялыктар, европалыктар, кипрдик гректерге басым

өткөрүү картасы катары ишке салынып жаткан коркунуч катары көрүнүүдө. Британиялыктар Кипрдеги азыркы абалдарынан ыраазы болгондуктан бул маселени чечүүгө активдүү киришпей жатат жана өздөрүнүн аралдагы малайлары аркылуу Америка планына тоскоолдук коюшууда. Түрк министри муну Британияда ачык айтты жана Британиянын өз таасирин ишке салууга тиешелүү нерселерде активдүү аракет кылбай жатканын, саясий иштерди дагы да активдүү алып барбай жатканын жана күчтүүрөөк таризде натыйжалуу роль ойнобой жатканын айтып Британияга түздөн-түз айыптоо жолдоду. Булар дипломатиялык сөз болсо да, бирок, алар Британияны чечимге тоскоолдук кылып жаткандыкта эле эмес, чечимге аракет кылбай жаткандыкта да тымызын айыптоо.

Кипрдин түндүгүнүн Түркияга кошулушу Түркиянын Европа Союзуна кошулушу алдындагы тоскоолдуктарды дагы да көбөйтөт. Себеби, европалыктар буга ыраазы болушпайт. Ошондуктан, Түркиянын азыр буга кадамташташы божомолдон алыс. Анткени, Түркия Европа Союзуна кирүүгө аракет кылып жатат, Америка болсо бул аракетти колдоп, европалыктарга Түркиянын талабын кабыл алуу үчүн басым өткөрүүдө. Американын максаты Европа Союзуна каршы өз максаттарын ишке ашыруу. Ошол эле учурда, Америка Британия таасирин бул аралдан жоготуудан турган максатына жетише албай жатат. Акыбетте, Кипрдин түштүгүндөгү абал кандай болсо ошол абалында кала берет жана Америка ал жерге мындай көрүнүштө кирип бара албайт. Ушуга ылайык, түрк министринин сөздөрү басым өткөрүү картасынан башка нерсе эмес.

Белгилүү болгондой, аралдын түндүгүн өз курамына кошуп алуу Түркия үчүн кыйын эмес. Себеби, ал анын өкүмдарлыгы астында деп эсептелет. Себеби, ал жерде 30 миңден ашуун түрк аскерлери бар, түрк армиясынын азыркы командачылыгы болсо бийликти колдоп калды жана аны менен бир катарда турат. Ошондуктан, бул иш армиянын кыжырын козгобойт жана армиянын ал жерде турушун сактап калат. Демек, түндүк бөлүктү, анын

коопсуздугун, кызыкчылыктарын коргоо, булардын баары Түркияга байланыштуу. Түркиядан башка эч ким бул бөлүктөгү мамлекет жана анын бийлигин тан албайт. Демек, анын тагдыры Түркиянын колунда. Ошондуктан, аны кошуп алуу абдан оңой болот. Бирок, Түркия режими көз карандысыз эмес. Себеби, ал Американы ээрчип жүрөт. Ошондуктан, ал Америка буюрса гана бул кадамга барышы мүмкүн. Демек, Кипрдин түндүгүн кошуп алуу туурасындагы ишарат англистерге жана Кипрдеги гректерге басым өткөрүп аларды Америка планын кабыл алууга мажбурлоо гана.

5 – Бул иш июль айынан кийин дагы да айкындашат. Себеби, ошондо Кипрдин түштүк бөлүгүндөгү режим Европа Союзуна кезектеги төрагалыкты мойнуна алат. Ал эми, Түркиянын бул союз менен мамилеси кыйын бара жатканы көрүнүп турат. Европалыктар менен алакалар боюнча жооптуу жана алар менен сүйлөшүү алып барып жаткандардын чоңу түрк министри Багис Кипр гезитине берген интервьюда мындай деди: «Биз Кипрдин түштүгүндөгү рум режими Европа Союзуна кезектеги төрагалыкты июлда өз жоопкерчилигине алганда бул режимге таптакыр кайрылбайбыз... биз рум режими бул союзга төрагалык кылып жатканын көрбөгөндөй союздун өзү менен мамиледе болобуз... Себеби, Кипрдин түштүгүндөгү рум режими ойлонбостон аракет кылып жатат. Ошондуктан, бул режимдин төрагалыгында Брюсселде өтө турган жыйындарга катышпашыбыздын ыктымалы бар». Т.а. абалдан пайдалануу өз ордун табат. Анткени, бул – Америка үчүн тартипсиздиктерди жүзөгө келтирүү үчүн жана мындан европалыктар менен гректерди коркутуу үчүн бир мүмкүнчүлүк. Эгер, англистер жана алардын түштүк бөлүктөгү малайлары жан беришпесе жана Аннан планы деп аталган Америка планын кабыл алышпаса Америка бул мүмкүнчүлүктөн пайдаланышы мүмкүн. Америка мамлекеттик катчысы Хиллари Клинтон өткөн жылы муну түрк кесиптеши Довуд Углу менен жолуккандан кийин баса белгилеп мындай деген: «Кипрдеги абал бирер

тараптын кызыкчылыгына кызмат кылат деп билбейбиз. Биз (Кипрдеги) эки регион жана эки топ тарабынан биригүү пикири болушун каалайбыз. Биз аны мүмкүн болушунча тезирээк көрүүнү каалайбыз». (АФП, 16-июль, 2011-жыл). Т.а. Америка Кипрдеги абалга ыраазы эмес жана аны өзүнүн көз карашы боюнча өзгөртүүнү каалайт.

6 – Эми, Кипр проблемасына тиешелүү Ислам буюрган туура чечимге келсек, Ислам бул аралды бүтүн боюнча Түркияга кошууга буйруйт. Себеби, Кипр – исламий өлкө. Ошондуктан, ал бүтүндөй Түркияга кошулушу важиб. Себеби, Кипр исламий арал болуп аны мусулмандар үчүнчү рошид халифа саййидибиз Усман Г доорунда фатх кылган. Исламий өлкөлөргө каршы кресттүүлүк согуштарын уюштурган европалык кресттүүлөр бул аралды ошол согуштарда басып алышкан. Бирок, мусулмандар аны кийинчерээк азат кылышып дагы нукуралыгына, мусулман өлкөлөрүнүн кучагына кайтарышкан жана бул арал башка мусулман өлкөлөрү сыяктуу усманий мамлекеттин башкаруусуна моюн сунган. Себеби, Халифалык усманийлерге көчкөн болчу. Биринчи дүйнөлүк согушта англистер бул аралга өз өкүмдарлыгын орнотушканын жана аны Британияга кошуп алышканын жарыя кылышты. Алардын малайы Мустафа Кемал муну Лозанна келишиминде тан алды. Ошого карабастан, Түркия мусулмандары Кипрди өз жерлеринин бир бөлүгү деп эсептешет. Ошондуктан, алар ал жердеги боордошторуна алар алтымышынчы жана жетимишинчи жылдары Британия жана Америка тарабынан түрдүү ыкмалар менен колдоп-кубатталган рум колу менен ишке ашырылган кыргындарга дуушар кылынганда жардам берүүгө аракет кылышкан. Түрктөрдүн армиясы 300 миңден көбүрөөк мусулмандарды коргоо үчүн ал жерде дагы эле турат. Жогоруда айтылган ушунча нерселерге карабастан, Америка долбоорун кабыл алып Кипрдин түштүк бөлүгүн калтырып түндүк бөлүгүн гана Түркияга кошуп алуу долбоору божомолдон алыс болсо да жана Түркия иш жүзүндө буга аракет кылбай жаткан болсо да, бирок ал аралдын үчтөн эки

бөлүгүнөн рум пайдасына т.а. кафирлердин пайдасына баш тартуу болуп эсептелет. Түрктөр расмий түрдө да, калк ичинде да, маалымат каражаттарында да Кипрдеги гректерди ушул аталышта т.а. рум деп аташат. Ошондуктан алар: түштүк рум сектору, рум режими дешет. Аралдын үчтөн бирин гана кошуп алуу менен чектелүү Исламга тескери болуп, буга ыраазы болгон ар бир адам күнөөкөр болот. Себеби, асл-негиз – Кипр аралы толугу менен Түркияга т.а. өзүнүн нукуралыгына кошулушу.

Эрдоган жана анын партиясы баш болгон бийлик бул маселени бүтүндөй колдон чыгарууга жана мусулмандардын бул аралга болгон көз карашын өзгөртүүгө аракет кылууда. Максат, мусулмандарды бул аралга өздөрүнүн аралы эместей карай турган кылып коюу! Мисалы, Кувейттин КУНА маалымат агенттиги 2012-жылы 9-мартта Түркиянын «Окшом» гезитине таянып «Адилет жана Өнүгүү» партиясындагы бир жооптуунун ушул сөздөрүн басып чыкты: «Эрдоган бийлиги Аннандын тынчтыкка тиешелүү планы Кипрде туруктуу адилет, тынчтык орнотулушунда маанилүү бир чөйрө болуп кызмат кылышы мүмкүн эсептейт, Кошмо Штаттар жана Европа Союзу мамлекеттеринин баары бул планды колдоп-кубаттоодо». Ал мындай деп кошумчалады: «Адилет жана Өнүгүү партиясы Кипр маселесине карата жаңы көз карашка негиз салууга жана Түркиядагы бир канча күчтөрдү бул маселеге нукура түркий улуттук маселе деп карабоого көндүрүүгө аракет кылууда. Тескерисинче, бул маселеге эң оболу адам укугу маселеси деген негизде караш керек, биз үчүн бул маселеде эл аралык, Америка жана Европа кепилдиги аркылуу кипрдик түрктөрдүн укугун коргоо маанилүү».

Кипрге адам укугу маселеси деп караш жер жүзүндөгү кандайдыр бир чет элдик маселеге болгон көз караш сыяктуу. Ал өз нукуралыгынан бөлүнгөн исламий өлкөнүн маселесине болгон көз караш эмес. Бул болсо, Кипрди колдон чыгарып, буга салым кошкон же ыраазы болгон кимсе Кыямат күнүнө чейин күнөөгө батат. Мусулмандар Кипрден эч качан баш тартышпайт. Алар залим акимдер колдон чыгарган мусулман өлкөлөрүнүн эч

бир бөлүгүнөн таптакыр баш тартышпайт. Тескерисинче, аны Аллахтын уруксаты менен, эртеби, кечпи өзүнүн негизине кайтарышат. Эртеңки күн аны күтүүчү үчүн жакын.

**9-март, 2012-м.**

## Кипр көйгөйүндөгү акыркы жагдайлар

**Суроо:** *2017-жылы 18-январда башталган Кипр сүйлөшүүлөрү 20-январда аяктады. Бул сүйлөшүүлөр 2013-жылы козголуп, 2014-жылы токтоп калган. 2015-жылы кайрадан козголуп, 2016-жылдын акырында үзгүлтүккө учураган. 2017-жылы 19-январда, Женевада Түрк-Кипринин президенти Мустафа Екинжи менен Грек-Кипринин премьери Никос Анастасиадистин катышуусунда Кипрди бириктирүү сүйлөшүүсү кайрадан көңүл бурарлык деңгээлде козголду. Кийин бул сүйлөшүүгө Кипр коопсуздугун кепилдөөчү катары үч мамлекет кошулду. Алар: Түркия, Греция жана Евросоюз тараптан Британия. Кипр маселесин мындай жандуу козгоого эмне түрткү болду? Кипр көйгөйүндө күтүлүп жаткан чечим кандай? Аллах сизге изгилик берсин.*

**Жооп:** Бул маселе ачык-айкын болушу үчүн муну ар тараптуу карап чыгабыз (жергиликтүү, регионалдык жана эл аралык тараптан). Кийин кийлигишип жаткан тараптарды (жергиликтүү, регионалдык, эл аралык) карап чыгабыз. Ушундан кийин гана бул жандуу сүйлөшүүлөр аракетинин себебтери айкын болот. Андан кийин, Аллахтын жардамы менен, бул маселедеги күтүлүп жаткан чечимди карап чыгабыз.

**Биринчи: жергиликтүү тараптан:**

Жергиликтүү жактан алганда, Кипр көйгөйүнүн артында кипрдик мусулман түрктөрү менен кипрдик гректер ортосундагы бийликке болгон күрөш турат. Бийлик бутактарынан түрк мусулмандарын куугунтукка алып, өздөрү гана бийликке ээ болуулары жана Кипрди Грецияга бириктирүү үчүн, Кипрдеги грек улутчулдары 1963-жылы «Akritas» планын ишке салган.

Кийин мусулмандардан өч алуу үчүн кандуу иш-аракеттерди башташты. Кипрдеги түрк мусулмандарынын мүлктөрүн тартып алуу, кыргын кылуу иш-аракеттери Кипрди Грецияга кошууга карата кипрдик гректердин жүргүзгөн саясаты болгон. Бул иш-аракеттер Британия чеңгелинде болгон. Эскерте кетсек, Британтия ошол маалда Кипр аралынын негизги кожоюну болгон. Анын ал жерде эки чоң аскерий базасы да орун алган. 1960-жылы Британия кипрдик гректердин Грецияга кошулуу пикиринен кайтуу шартын койгон «энозис» деп аталган, ошондой эле, кипрдик түрктөрдүн Түркияга биригүү пикиринен кайтуу шартын койгон «таксиим» деп аталган шарттарда Британия Кипрге эгемендүүлүк берген. 1967-жыл кирип келиши менен аралдагы кожоюндукту бөлүштүрүү ишке ашты. Кипрдеги түрктөр менен гректердин ортосундагы душмандык калкып калды.

**Экинчи: регионалдык тараптан:**

Греция Кипрди өзүнө кошуп алуу үчүн кипрдик гректерди колдоп-кубаттап, алардын артында турду. Мунун каршысында, Түркия Кипрди өзүнө кошуп алуу максатында кипрдик түрктөргө жардам берип, алардын артында турду. Аймактагы ушул эки өлкө Кипрдеги жергиликтүү бөлүнүп-жарылуулардын негизги түрткү булактары болуп саналат. 1974-жылы 15-июлда, Америка сунушу менен, Греция аскерий межлиси Кипрди Грецияга кошуу маселесин колго алуу үчүн Кипрдеги грек ынкылабчыларын түздөн-түз колдоого алды. Греция аскерий межлиси Кипрдеги грек ынкылабчыларына Кипрди Грецияга кошуу амалияттарын баштоону милдеттирген эле. Кипр ынкылабынан беш күндөн кийин, Британия сунушу менен, Түркия аскерий жактан Кипрге кийлигишип, аралдын түндүк тарабын басып алды. Кийин Түркия Кипрдеги түрк мусулмандары үчүн коопсуз аймактарды түзө баштады. Түркия Кипрдеги өзүнө географиялык жактан чектеш аймакта 3335 кв. км аймакты Кипрдеги түрк мусулмандарына өзүнчө аймак кылып берди. Тактап айтканда, аралдын үчтөн бир аймагын. Бирок, ал аймактын жашоочулары болгону 210 миң кишини түздү. Башкача айтканда,

аралдын жашоочуларынын бештен бири. Мына ушул эки күч: Түркия жана Греция Кипрге таасир берүүчү негизги аймактык күчтөр. Ошондой эле, жөөттөрдүн да таасири бар. Бирок ал ачык эмес, көмүскөдө. Алардын таасири коопсуздук, экономика тармагында, айрыкча, газ келишимдери тарабында орун алган.

**Үчүнчү: эл аралык тараптан:**

1914-жылы Биринчи дүйнөлүк согуш башталып, Британия Кипрди өзүнө расмий түрдө кошуп алгандан бери Британия Кипрдеги негизги эл аралык күч болуп саналат. 1960-жылы Британия Кипрге эгемендүүлүк бергенден кийин, Британия расмий келишимге ылайык, Кипрдеги кырдаалдын кепилдигин алган бирден бир эл аралык күч болуп калды. 1955-жылы Британия Кипрдеги кырдаалдын кепилдиги катары, Түркия менен Грецияны да өзүнө ээрчитип алды. Британиянын аймактагы бул экөөнү өзүнө ээрчитип алуудагы максаты, Американын Грециядагы таасири аркылуу Кипрди Грецияга кошуу аракетининин алдын алуу болгон. Британия ошол маалдагы анын малайы болгон Түркия бийлигин Грецияга карата колдонду. Британия Кипрдеги дүйнө боюнча эң ири деп эсептелген эки ири аскерий базасын да сактап калды. Ал аскерий базалар аба жана деңиз күчтөрүнүн 24 миң аскерлерин камтыйт. Ал эки база азыркы күндө да Британиянын колонизатордук саясатын жүргүзүүдө таяна турган чоң таянычы. Британия 1954-жылы ушул эки базадан туруп «Суэц» согушуна катышты. 1967-жылы жөөттөрдүн согушунда да ушул базалары аркылуу тик учактары менен согушка катышты. Британия ушул базалары аркылуу 1991-жылы, 2003-жылы Америка тарабында туруп, Ирак согушуна катышты. Ал ушул эки базасы аркылуу тынчылык иштерин кылат жана аймакты көзөмөлдөйт. Ошондуктан, азыркы күнгө чейин Кипрдин коопсуздугу Британия кепилдигинде. Британия Кипрди экономикалык тараптан да пайдаланып, жемкор акимдердин жана салык төлөөдөн качкан компаниялардын акчаларын аралга тартуу аркылуу, Кипр аралын салык баш калкасы катары да пайдаланып келет. Башкача

айтканда, кылмыштуу «мафиялык» жол менен топтолгон акчаларды аралга тартат, айрыкча, Орусиядан тартат. Ошондуктан, Кипр аралы Британия үчүн өзгөчө статуска ээ. Британия айлакерлиги аркылуу Американын бул маанилүү аралды тартып алышынын алдын ала алды. Греция Америка үчүн Кипрге кирип бара турган жол болчу. Бирок, Британия Түркия жана андагы малайлары аркылуу Американын Кипрге кирип келишинин алдын алды. Кипр эл аралык көйгөйү жана Америка менен Британия ортосундагы Кипр үчүн күрөшүү жакынкы ондогон жылдарда башталды десек болот. Америка Кипрден Британиянын эки ири аскерий базасын чыгаруу менен гана Кипрге кожоюндук кылуу мүмкүн деп билет. Америка өз максатына жетиши үчүн БУУну жана анын ыкмаларын ишке салды. Британия өз айлакерлиги менен Американын тоскоолдуктарын жеңип өтө алды жана өзүнүн аскерий базалары Кипрде турушун актоо максатында, Кипрдин бөлүнгөн абалда калышында да ийгиликке жетти. Американын Кипрди толук бойдон каратып алуу планын ийгиликсиздикке учуратты. Кийин Британия Кипрде өз базаларын сактап калуу максатынын аягына чыгаруу үчүн, Түркиядагы Америкага малай бийликти өзүнө малай бийликке алмаштыруу үчүн Түркияда ынкылаб кылууга аракет кылды. Бирок, ийгиликсиздикке учурады, ошого карабастан, ал Түркия бийлигине жана Кипрде таасирге ээ болуу жаатындагы Америка-Британия тараптарына эскертүү коңгуроосун какты.

**Төртүнчү: кийлигишкен тараптар:**

**1 – Аймакка таасир эте турган Исламий кыймылдар:**

Сирия козголоңу Америка үчүн узакка созулуп, Иран, Орусия, Түркия күчтөрүн ишке салуу аркылуу да, булуң мамлекеттери жардамында акчалай колдоо көргөзүү аркылуу да о.э. өзүнүн күч кубатын иштетүү аркылуу да бул козголоң коркунучун токтото албай жатат. Ошондуктан, Сирия козголоңу аймактагы Америка саясаты үчүн чечилгис түйүнгө айланып баратат. Америка Сирияда Ислам менен күрөшүп жатканын анык түшүнүп жатат. Америка өз саясатында мындай чоң көлөмдөгү кооп-коркунучка жаңыдан

туш болуп жатат. Буга Америка президенти Обама 2016-жылы 4-августта улуттук коопсуздук кеңеши жана Америка коргоо кеңешиндеги аскерий жетекчилер менен жоолугушуусунан кийинки пресс-конференциясында мындай ишара кылды: «Менин чачымдын көп бөлүгү Сирия жаатындагы сүйлөшүүлөрдү өткөрүү себебтүү агарды...» («Россия сегодня», 2016.08.05.).

Америка менен Батыш региондогу бул исламий кыймылга олуттуу карай баштады. Мусулмандардын мамлекет тикелеп алышы Америка менен Батышты өтө катуу тынчсыздантат. Кипр аралында 30 миң Түркия аскеринин калуусу да алар үчүн чоң кооп коркунуч болуп саналат. Алар исламий кыймылдардын Халифатты тикелөөгө болгон аракетин олуттуу деп билет. Ошондуктан, мусулман мамлекети болгон Түркия аскерлеринин бул аралда калуусу – Кипрди Усман р.а фатх кылган мезгилдегидей кайрадан исламий жерге айлантуу үчүн – найзанын учу болуп калат деп түшүнүшөт. Ошондуктан, алар бул аскерлерди ушул жерден чыгарып жиберүү максатында сүйлөшүүлөрдү тезинен баштоо зарыл деп билишти.

**2 – Жаңы пайда болгон энергия тармагындагы түрткү:** 2009-жылы басып алынган Палестина жээгинен табигый газдын кору табылды. Жөөт вужуду (Израиль) 2013-жылдан баштап андан пайдалануу аракетин баштады. Кийинчерээк ага жанаша жайгашкан Түркия-Греция-Кипр изилдөө иштери башталды. Ушинтип жаңы пайда болгон энергия түрткүсү Кипр көйгөйүнүн жаңы темпте күчөшүнө салым кошту. Ал төмөндөгүчө:

а) Илимий изилдөөлөр Жер Ортолук деңизинин чыгыш жээгинде табылган газдын кору регионду жетишээрлик көлөмдө газ менен камсыз кыларын аныктады. Ошондой эле, бул табылган газдын кору Орусия газын импорттоп алуудагы оорчулуктан Европа жүгүн сезилээрлик даражада жеңилдетет. Кипр премьери Никос Анастасиадис о.э. байланыш жана бизнес министри, айыл чарба жана айлана-чөйрөнү коргоо министри бул тууралуу мындай дешкен: «Кипрдин газ кору Европаны газды импорттоп алууда Орусиядан бир топ алыс кылат» («Нон Post», 2014.11.11.). (Греция өкмөтү 1,7

миллиард баррель мунай жана 122 миллиард куб жаратылыш газын камтыган «Левитан» жана «Никосия» аймактарында изилдөө иштерин баштады. Грециянын бул аракетине каршы расмий Анкара Кипрдеги Түрк бийлиги менен түндүк жээкте мунай изилдөө иштерин алып баруу үчүн келишимдерди түздү) («Дот Египет», 27.04.2015.).

б) Греция жана Кипрдеги грек өкмөтү экөө тең экономикалык кризис кыйынчылыгын тартып жатат. Ошондуктан, Кипр жээгиндеги газдын импортунан түшкөн каражат менен казыналарын толуктоону жана газды Греция аркылуу Европага чыгарып, Греция жана жөөт вужуду газ куру өткөн транзиттик мамлекеттер болуусуна үмүттөнүп жатышат.

в) Греция жана Кипрдеги грек бийлигинин о.э. Европанын бул кыялына Түркия түздөн-түз каршылык көргөздү. Кипрдеги грек бийлиги жөөт вужуду менен биргеликте Кипр жээгинде мунай жана газ корун изилдөө иштерин алып баруусуна да Түркия түздөн-түз каршы чыкты. Түркия деңиздеги позицияларын күчтөдү. Греция менен Кипрдеги грек бийлигинин изилдөө иштерине жооп катары, Кипрдеги Түрк бийлиги менен – экөөнүн ортосундагы деңизде эле эмес – Кипр түндүгүндөгү «Aphrodite» аймагына жакын аймактардан мунай изилдөө иштерин алып баруу жаатында келишимдерди түздү. Түркия казуу иштерин баштоо менен да коркутту. Түркия – Греция экөөсүнүн ортосундагы мунай изилдөө иштерин алып баруудагы келишпестик бир гана Америка долбоору негизинде Кипр маселесин сүйлөшүүлөр аркылуу чечкенден кийин гана – чечилет деп билет. Мунай изилдөө иштерин сүйлөшүүлөр бүткөндөн кийин гана баштоо мүмкүн деп билет. Түркиянын мындай көз карашын Түркия президенти Эрдогандын билдирүүсү тасдыктап турат: «Кипр грек өкмөтүнүн мунай изилдөө иштерин алып барууга бекем туруп алышы Кипр тууралуу өтө турган сүйлөшүүлөргө залакасын тийгизет...» («Дот Египет», 2015.04.27.). Тактап айтканда, Америка жаратылыш газын изилдөөнү жана аны пайдаланууну сүйлөшүүлөрдөн жыйынтык чыгарууга байлагысы келип жатат. Башкача айтканда, тараптарды

бир чечимге келүүгө түртүп жатат. Айрыкча, акыркы мезгилде тараптар изилдөө иштерин алып барууга ынтызарлыгы күчөп жаткан учурда... Ушунун баары сүйлөшүүлөр аркылуу бир чечимге жетүүгө жана талашып-тартышпай изилдөө иштерин алып барууга мүмкүндүк жаратууга каратылган.

**Бешинчи: жогоруда айтылып өтүлгөн жаңы жагдайлар Кипр сүйлөшүүлөрүн күчтүү темп менен тездетүүгө түрттү. Ал төмөнкүчө:**

1– Түркияда аскерий ынкылаб кылуу аракети Американын Түркиядагы жана бул аймактагы таасирине чоң кооп-коркунуч жаратты. Америка президенти Обама 2016-жылы 16-июлдагы Түркиядагы бул аскерий ынкылабга байланыштуу Американын улуттук коопсуздук кеңешинде кезексиз жыйын курду. Бул жыйын Американын Түркияда таасирин сактап калууга өтө көңүл бурарына ишара кылды. Анткени, Түркия бул региондо чоң таасирге ээ. Аскерий ынкылаб ишке ашпай калганда, Эрдоган өлкөдө өзгөчө кырдаал абалын киргизди. Бийлик бутактарынан жана аскерий жетекчиликтен Британия малайларын тазалоону баштады, ал азырга чейин уланып жатат. Бул тазалоо иштери аркылуу Түркияда Британия таасирин алсыратуу жана Түркия аскерий бийлигиндеги жетекчилерден Британиянын колун үзүп коюу көздөлгөн. Британия ушул аскерий жетекчилер аркылуу Американын Кипрге жетүүсүнө узак убакыт бою тоскоолдук жаратып келген. Мына ушинтип, Америка Кипр маселесин чечүүгө карай ушундайча жол тутту. Айрыкча, Кипрди бириктирүү жаатындагы Американын белгилүү «Аннан» планы аркылуу иш алып барууда. Кипр маселесиндеги Америка планы ишке ашуусуна тоскоол болуп келе жаткан жана Британиянын Кипрдеги аскерий базалары калуусуна шарт жаратып жаткан Түркиянын аскерий жетекчилигиндеги Британия малайларын куугунтукка алуу менен, Американын Кипр маселесин чечүүгө карата туткан жолу барган сайын жолго салынууда. Куугунтукка алуулар күчөгөн сайын сүйлөшүүлөр Американын пайдасына ооп баратат.

2 – Аймактагы исламий кыймылдар: жогоруда баяндап өткөнүбүздөй, Америка жана Батыш Халифалыкты тикелөөгө аракет кылып жаткан исламий кыймылдарга олуттуу карайт. Ошол эле учурда, мусулман болгон Түркия аскерлеринин Кипр аралында жайгашуусу – бул жерди Усман Г фатх кылгандай – кайрадан Ислам жерине айлантуучу бирден бир абалды жаратат деп билет. Ошондуктан, бул аралдан Түркия аскерлерин чыгаруу зарыл деп, бул максатты ишке ашыра турган сүйлөшүүлөрдү тездетүүнү көздөп жатышат.

3 – Жаңы пайда болгон энергия түрткүсү: бул жаңы энергия түрткүсү экономикалык жактан барган сайын Кипр маселесин чечүүгө түртө турган таасирдүү түрткүгө айланып бара жатат. Ошондой эле, бул келечектүү экономикалык долбоорго жолтоо болуп жаткан тоскоолдукту алып салууга түртө турган түрткүгө айланып барууда. Ошондуктан, Кипр маселесиндеги бардык тараптар – деңиз бойлогон экономикалык кызыкчылыктарына жетүү жана газ кууруларын куруу максатына жетүү үчүн – Кипр көйгөйүнүн чечимин табууга умтула башташты. Ошондуктан, сүйлөшүүлөрдү күчтүү темп менен тездетүүгө киришишти.

**Алтынчы: Мына ушул түрткүлөрдүн натыйжасында, тараптар өткөн жылдын аягында жана үстүбүздөгү жылдын башында төмөнкүдөй негизде иш алып барууга аракеттене башташты:**

а) Кипр тууралуу сүйлөшүүлөрдүн биринчи айлампасы 2016-жылы 7-ноябрда Швейцариянын Мон-Пелерин шаарында болуп өттү. Сүйлөшүүлөрдүн экинчи айлампасы ушул эле шаарда 20-21-ноябрь күндөрү болуп өттү. Бул эки сүйлөшүү тең эч бир жыйынтыксыз аяктады.

б) Кипр маселесинде саясий чечимге жетүү үчүн Швейцариянын Женева шаарында 2017-жылы 9-январда БУУ жетекчилиги астында үчүнчү сүйлөшүүлөр айлампасы болуп өттү. Сүйлөшүү алты темада болду. Алар: Кипрдин экономикалык көйгөйү жана ЕБ; мүлк; иммиграция; бийликти бөлүштүрүү; жер жана коопсуздук; кепилдиктер.

в) 2017-жылы 10-январда, Женевада Кипр маселесин чечүүгө катышып жаткан тараптар үчүн дагы бир жыйын уюштурулду. Ал дипломатиялык деңгээлде өткөрүлүп, ага Түркий Кипр жумуриятынын лидери Мустафа Екинжи жана Грек-Кипр жумуриятынын лидери Никос Анастасиадис катышты.

г) Женевадагы БУУ резиденциясында 2017-жылы 12-январда Түркий Кипр жумуриятынын лидери Мустафа Екинжи жана Грекий Кипр жумуриятынын лидери Никсон Анастасиадис ортосунда болуп өткөн Кипр маселеси жаатындагы жыйын аяктады. БУУнун Кипр боюнча өкүлү Эспен Барт Эйде мындай деди: «Биз өткөн үч күн аралыгында иштиктүү сүйлөшүүлөрдү өткөрдүк», - деп, минтип кошумчалады: «Узак убактардан бери чечилбей келе жаткан маселелер жолго коюулду. Алга жылуу тездик менен баратат”.

д) Кипр премьери билдирүү берди. «Кипр лидери пресс-конференцияда: «Саясий сүйлөшүү биринчи жолу иш жүзүндө натыйжа берди. Жумуриятта чечилбеген маселелер боюнча иш жүзүндө талкуулар башталды...», - деди» («Россия сегодня», 2017.01.13.).

е) Кийин 2017-жылы 20-январда сүйлөшүүлөрдүн экинчи айлампасы өттү. Анда төмөндөгүдөй бүтүм чыгарылды: БУУнун Кипр боюнча өкүлү Эспен Барт Эйденин билдирүүсү: Жумушчу топ кепилдиктер темасы боюнча талкуу өткөрүп, талкуу ийгиликтүү аяктады. Бул жумушчу топ коопсуздук жана кепилдик маселелеринин бардык тараптарын талкууга алышты. Эки күндөгү төрт жолку жолугушуудан кийин, коопсуздук жана кепилдиктер маселеси бир өңүткө карай чечилип калды десек болот. Кийинки этапка даярдоо үчүн анын техникалык жактарын караштыруу гана калды. Эске сала кетчү нерсе, тараптар келерки этапта жогорку деңгээлдеги жооптуулар катыша турган саммит өткөрүүгө келишишти. Тактап айтканда, Женевада өтө турган үчүнчү жолку сүйлөшүү айлампасында беш мамлекеттин өкмөт башчылары катышат. 26-январда Никосия шаарында өтө

турган жолугушууда бештик саммитине байланыштуу саясий темаларды Түркий Кипр жумуриятынын президенти Мустафа Екинжи жана Грекий Кипр жумуриятынын премьери Никос Анастасиадистин талкуулашуусу да күтүлүп жатат. Түркий Кипр делегациясын тышкы иштер министирлинин ыйгарым укуктуу өкүлү элчи Ахмад Мухтар Гун жетектейт. Сүйлөшүүлөр делегациясын Өздил Наами жетектейт. Министирдин орун басары Тогрул Түркиш Кипр сүйлөшүүлөрүн камтыган иштердин топтому тууралуу маалымат берүү үчүн Женевага жөнөп кетти. Сүйлөшүүлөр алты теманын негизинде болот. «Кипрдин экономикалык көйгөйү жана ЕБ; мүлк; иммиграция; бийликти бөлүштүрүү; жер жана коопсуздук; кепилдиктер.» («TRT arabia», 2017.01.20.).

**Жетинчи: Америка жана ага малай Түркия бийлиги аракет кылып жаткан Кипр маселесиндеги күтүлүп жаткан чечимге келсек:** Бул маселе боюнча басымдуу көз караш: биринчи кадам – Кипрден Британия аскерий базасын чыгаруу максатында, Америка колдоосу менен БУУ аркылуу Кипрди бириккен федералдык мамлекет кылуу кадамы болот. Бул жыл башында күчтүү темп менен башталган Кипр сүйлөшүүсүндөгү негизги максат, мындан Британия аскерий базасын Кипрден чыгаруу көздөлгөн. Американын Кипр маселесине карата бул чечими (Британия-Түркия-Греция) кепилдиктерин жоюуну талап кылат. Түркия жана Греция аскерлерин да Кипрден чыгарууну талап кылат. Биринчи орунда Британия асерий базасын чыгаруу каралган.

Бирок бул чечимдин ишке ашышына тоскоолдук жарата турган кээ бир иштер бар. Алардын ичинде кыска убакытта жеңип өтө албай турган тоскоолдуктар да бар. О.э. алардын ичинде таасири азыраак экинчи даражалуу тоскоолдуктар да бар. Ал тоскоолдуктар белгилүү бир максаттарды актоо үчүн койулган, ошондуктан, аларды жеңип өтүү мүмкүн. Ал эми таасирге ээ негизги тоскоолдуктар – бул Кипрден Британия аскерий («Акротири» жана «Декелия») базаларын чыгарууда боло турган

тоскоолдуктар. «Акротири» базасы Кипрдин түндүгүндө жайгашкан, «Декелия» чыгышында жайгашкан. Бул эки аскерий база Британия үчүн маанилүү роль ойнойт. Ошондуктан, Британия бул эки базасын чыгарууга каршы күчүнүн барынча күрөшөт. Ал ага каршы айла-амал, ыкмаларды иштетет. Ал Американын Кипр маселеси боюнча чечимин кабыл алуу акысына базалары Кипрде калуусун шарт кылат. Ал өзү койгон шартты Америка оңойлук менен кабыл албашын да билет. Айрыкча, акыркы мезгилде Эрдогандын Түркия аскерий жетекчилигиндеги жана бийлик бутактарындагы Британия малайларын тазалоо иштеринин акыбетинде, Британия Түркиядагы, кийин Кипрдеги таасир күчүнүн көп бөлүгүнөн ажырап калган маалда.

Түркиянын Кипрдеги аскерлерин чыгаруудагы тоскоолдуктарга келсек, Амкерика Кипрден Британия аскер базасын чыгарууга жол салуу кадамында Түркия аскерлерин да Кипрден чыгарууну талап кылат. Анткени, жаңы бириге турган федеративдик мамлекетте башка мамлекеттин аскери өзүнчө болушу мүмкүн эмес. Себеби Британиянын эки аскерий базасы Кипр бийлигининин көзөмөлүнөн тышкары. Токтомдо Кипр төрт бөлүктөн түзүлөрү бекитилген (Түндүк Кипр, Ортодогу нейтралдуу аймак, Түштүк Кипр, Британия эки аскерий базасы). Британия аскерий базасы Кипрде калышын актоо максатында, Кипр ушундай чыңалган бөлүнгөн абалда калышын каалап жатат. Ошондуктан, Америка Британиянын аскерий базасын чыгарып жиберүү максатында, Кипрди бирдиктүү бир мамлекетке айлантуу долбоорун ишке салып жатат. Кийин кепил мамлекеттердин таасирин жана кепилдигин жоюу тууралуу билдирүүлөр берилди. Жыл башындагы билдирүүлөр ушуга ишара кылды: Кипр лидери Никос Анастасиадис мындай деди: «Кипрдин бөлүнүшүнө чек койо турган чечимге жетүү үчүн Кипрден Түркия аскерлерин чыгаруу зарыл». Анастасиадис Женевада журналисттерге берген маегинде мындай деди: «30 миң Түркия аскерин Кипрден чыгаруу үчүн келишимге баруубуз зарыл» («Би Би Си»,

2017.01.13.). Ал эми Эрдоган Анастасиадиске каршы жооп катары 13-январда жума намазынан кийин билдирүү жасады: «Греция кепил мамлекет катары болгон Түркиясыз Кипр маселесин чечүүнү күтпөй эле койсун. Түркия аскерийлерин Кипрден чыгаруу мүмкүн эмес...» («Россия сегодня», 2017.01.13.) Түркиянын мындай позициясы чындыкка дал келбейт. Мисалы, ошол эле күнү бул билдирүүгө удаалаш, «Reuters» агенттигинин берген маалыматында, Эрдоган мындай деди: «Түркия аскерлерин толук чыгаруу мүмкүн эмес. Биз муну өткөндө талкуулашканбыз. Эгер иш ушул багытта кете турган болсо, анда эки тарап тең аскерлерин чыгаруусу зарыл». Грециянын Кипрде 1100 аскери бар. Эрдоган мындай деди: «Маселе жөнгө салынгандан кийин, Түркиядан 650 аскер, Грециядан 950 аскер калуусу тууралуу план бар» (2017.10.13.) Ушундан көрүнүп тургандай, Эрдоган теңсиздик түрдө Түркия аскерлерин Кипрден чыгарып кетүүгө макул. Бул позицияны Түркий Кипрдин лидери Мустафа Екинжинин билдирүүсү да кубаттап турат. «Reuters» агенттигинин 2017.01.13. берген маалыматында, Түркий Кипр лидери Мустафа Экинжи мындай деди: «БУУнун жетекчилиги менен өтүп жаткан Кипрди бириктирүү сүйлөшүүлөрү эч кандай чектөөлөрдү камтыбашы керек». Ал дагы кошумчалап мындай деди: «Эгер чектөөлөрдү камтый турган болсо, биз бул талкууларыбызда эч нерсеге жете албайбыз жана ушул абалыбызда эле кала бергенибиз жакшы, бул эч кандай ийгилик алып келбейт». Ушулардан белгилүү болгондой, мындай мүнөздөгү билдирүүлөр чындыкка коошпойт. Болгону, алардан сүйлөшүүлөрдө Британия аскерий базаларын да чыгаруу талкуусуна абал жаратуу көздөлгөн.

**Корутунду: Кипр сүйлөшүүлөрүнүн бул жолку күчтүү темпте түс алышынан Америка аралды бириктирип, андан Британия аскерий базасын сүрүп чыгарууну көздөгөн. Ал эми Британия эки аскер базасын Кипрде сактап калууну каалап жатат. Тактап айтканда, базасын сактап кала турган башка чечим издөөдө.**

**Сегизинчи: Кипр көйгөйү жаатындагы Ислам буйруган туура чечим:** Ал чечим – Кипрди бүтүндөй Түркияга каратуу. Кипр Исламий жер. Ал өзүнүн аслине, Түркияга кайтуусу зарыл. Кипр Халифа Усман Г фатх кылган исламий жер. Кресттүү европалыктар биринчи крестүүлөр жортуулунда Кипрди басып алышкан. Бирок мусулмандар аны азат кылышып, кайрадан аслине кайтарышкан. Кипр башка мусулман жерлериндей эле, Усманий мамлекет бийлиги астында болгон. Британия Биринчи дүйнөлүк согушта, ага ээлик кылганын жана аны Британияга бириктиргенин расмий жарыя кылган. Британиянын Кипрди аннексиялап алуусунун эч кандай кыйматы жок жана ал батыл болду. Түркиядагы жана башка жайлардагы мусулмандар Кипрди Ислам өлкөсү деп, аны кайрадан толук түрдө исламий өлкөгө айлантуу ваажиб деп билишет. Кипрди кайрадан ислам диярына кайтаруу – Кипр маселесинин туура чечими. Усман р.а 28-хижрий жылы урухсат бергенден кийин Муавия бин Суфян аны фатх кылган. Ал согуш мусулмандардын деңиздеги биринчи согушу болгон. Аны фатх кылууга Пайгамбар ага көптөгөн сахабалары катышкан. Алардын ичинде Абу Зар, Убаадата бин Соомит, аны менен бирге аялы Умму Харам, Абу Дарда, Шидаад бин Авс р.а.дар катышкан. Умму Харам р.а.нын кабыры Кипрдеги зыярат кылына турган жерлерден. Аны фатх кылуу бир тараптан Византия империясынын жеңилиши болгон. Экинчи тараптан көптөгөн жеңиштердин жемиши болгон Исламий деңиз флотунун бет ачары болгон...

Кипр үчүн мына ушул акыйкат чечим. ***«Акыйкаттан кийин адашуу гана бар, каякка карай баратасыңар?!»*** [10:32]

Чыныгы чечим Америка жана Британия пландап жаткан чечим эмес. Башкача айтканда, Кипрде эки мамлекеттин болуусу анын чыныгы чечими эмес. Анын бир бөлүгү Түркияга, бир бөлүгү Грецияга кошулуусунун же кошулбасынын айырмасы жок. Кипрди федеративдик же унитардык мамлекет кылып, аны гректердин башкарышы да анын чечими эмес.

Анткени, ислам өлкөлөрүндөгү бийликти кафирлерге тапшыруу харам. ***«Аллах момундар үстүнөн кафирлерге эч качан жол бербейт»*** [4:141]

Аллахтын жардамы менен, Кипр Ислам өлкөсүнө кайрадан кайтат. Кипр маселеси колдон-колго өттүдө, бирок акыбет таквалардыкы. ***«Аллах Өз ишинде үстөм, бирок көпчүлүк адамдар муну билишпейт»*** [12:21]

**24-робиус-саний, 1438-х.**

**22-январь, 2017-м.**

## Конго тууралуу берилген суроолорго жооптор

### Жигиттер үчүн маалымат

### Конгодогу күрөш

Конго чыгышындагы козголоңчулар башчысы Лоран Никонда коңшулаш Руанда мамлекетинин көмөгү менен иш жүргүзүп жатканына күмөн жок. Себеби, анын келип чыгышы Руанданы башкарып турган «тутси» урууларына барып такалат. Никонда 1994-жылдагы кыргындарга чек койгон согушта Руанданын азыркы президенти Пол Кигоми башчылыгындагы Руанда улуттук фронтуна келип кошулган, деп жазат Британиянын «Гардиан» гезити.

Британия менен Франция тышкы иштер министрлери Конгого келип кеткенден кийин, Никонданын Руандага сапар кылышы, Руанда ага жардам бербей жатамын, дешине карабастан, аны колдоп-кубаттап жатканын көрсөтүп турат.

Руандада бийликти тутси уруулары өз колуна алып, хуту урууларын кууп чыгаргандан тартып, ал Америкага көз каранды мамлекет болуп калган. Мурун болсо Франция аны колдоп-кубаттап турчу.

Конгонун азыркы президенти Жозеф Кобила Руанда тарабынан колдоп-кубатталып турган тутси урууларына тоскоолдук кылуу үчүн хуту урууларынан жардам сураган. Анын мындай жардам сурашы болсо хуту уруулары Конго чыгышынан аракеттенип башкарууну кайрадан колго алууга умтулууда, деген нерсени аргумент кылып, буга аралашуу үчүн Руандага

шылтоо таап берди. Муну козголоңчулар башчысы Никонда чыгыш Конгого европа күчтөрү жөнөтүлүшүн четке кагып: «**Эгер, бул күчтөрдөн максат руандалык хуту козголоңчулары кадамын бекемдөө болсо, биз буга ыраазы эмеспиз**», - деп, берген ушул билдирүүсү да муну көрсөтүп турат. Анын бул билдирүүсүндө европалыктар Руанда жана тутси урууларына каршы Конго жана хуту урууларын колдоп-кубаттоодо, деген нерсеге шилтеме бар.

Британия менен Франция болсо, Никонда, айрыкча Конго жерлерин басып алууну токтотууга, эгер Кобила өкмөтү Никондо менен сүйлөшүү алып барбаса Никонда Киншасага бастырып кирүү менен коркутканына шилтеме кылууда.

Кобила болсо дагы эле аны менен сүйлөшүү алып барууну четке кагып, бир жыл мурун Найробиде Конго менен Руанда мамлекеттери ортосунда кол коюлган тынчтык келишими колдонушу үчүн катуу турат. Себеби, ал козголоңчулар аракетин тан алууну каалабай жатат жана Руанданын өзү менен мамиле кылууда катуу турат. Ошондуктан, Британия тышкы иштер министри: «**Эгер, БУУнун азыр ошол жерге таркатылган күчтөрү тынчтык орното албаганы себептүү аларды күчөтүүгө зарылдык туулса, Европа Союзу соңку чечим катары Конго демократиялык республикасына күчтөр жиберет**», - деп берилген билдирүүгө таң калбаса да болот.

Британия менен Франция тышкы иштер министрлери: Девид Мелибанд менен Бернар Кушнер Конго менен Руандага барганда Найроби келишимин колдонуу зарылдыгына этибар каратып, Никонда башчылыгындагы козголоңчулар Конгого каршы чабуул кылса куралдуу күчтөрдү жиберүүлөрүнө ачык шилтеме кылды.

Европанын азыркы кескиндик туурасындагы бардык билдирүүлөрү олуттуулашып бара жаткан гуманитардык абалдар менен оролду. Мисалы, Мелибанд менен Кушнер берген кошмо билдирүүдө: «**Жүз бериб турган**

**согушту токтотуу жана жергиликтүү калк үчүн жашоо шарттарын жакшылоо зарыл**»дыгына экөөсү келишкени айтылган. Британия премьер-министри Гордон Браун: «**Эл аралык коом Конго жаңы Руандага айланып кетишинин алдын алышы керек**», - деп, 1994-жылдагы кыргындарга шилтеме кылды. Ошондо Руанданын тутси жана хуту урууларынан турган калкынан 800 000 киши курман болгон.

Эми, Америка саясатына токтолсок, ал чыгыш Конгодогу козголоңчуларды колдоп-кубаттоо позициясында турат. Ал европа күчтөрү жиберилишин каалабашы табигый. Калк коопсуздугун сактоо үчүн БУУнун региондогу начар күчтөрүнүн ролу менен чектелет. Америка тышкы иштер министринин Африка иштери боюнча жардамчысы Жиндай Фриз айым «**БУУнун Конгодогу күчүн күчөтүү**» идеясын колдоп-кубатташын ачык айтат.

Бул туңгуюктукка карата иш жүзүндөгү мамиледе болуу үчүн Британия менен Франциянын мындай шашылыш түрдөгү аракети жана тышкы иштер министрлеринин алар менен иш жүзүндөгү мамиледе болуу үчүн өзгөчө чаралар көрүүгө чакырышы Конгодогу абал региондо европа таасиринин бүтүндөй бар болуп турушуна чыныгы коркунуч туудуруп жатканы жана бул таасирди сактап калуу үчүн шашылыш түрдө аракет кылуудан башка чара калбаганынан далалат берүүдө.

Конгонун чыгыш региону Америкага көз каранды үч мамлекет: Руанда, Уганда жана Бурундиден түзүлгөн. Бул үч мамлекетте тутси уруулары өкүмдарлык кылат. Америка аларды 1994-жылдан бери колдоп-кубаттап келүүдө. Бул мамлекеттер болсо Африка континентинин борборунда Америка таасири үчүн күчтүү дубалды түзө баштады. Ошондуктан, козголоңчулар Конгого чабуул кылып, ал жерден Британия менен Франция таасирин жок кылуу үчүн ушул мамлекеттерден келип чыгып аракет кыла башташты.

Америка Европа таасирин сүрүп чыгарууда Кытайдан пайдалана баштаганы европалыктар үчүн отко май сепкендей болду. Этибарды тарткан тарабы ушул, Америка таасири жайылган, өзгөчө Суданда жана мындан башка Американын таасири ачык көрүнүп турган региондордо Кытайдын кириб барышы күчөп барууда. Ушул региондордун бири Руандага караштуу козголоңчулар өкүмдарлык кылып турган чыгыш Конго. Мисалы, Британиядагы «Шатам Хавус» борборунда Африка программасынын директору Том Коргел: «**Эл аралык алакалар тармагында Никонданын тажрыйбалуу жардамчылары бар. Алар болсо Батыш Кытайдын каалоолорунан катуу дүрбөлөңгө түшкөн дешүүдө. Бизге каршы болгон оппозициянын айрым урунууларын биз Конго калкы атынан кытайлыктарга каршы чыгып жатабыз, деп, жокко чыгара алабыз**», - дейт. «Гардиан» гезитинин жазышынча, инфратүзүм долбоорлорунун акысына кендерди казып алуу үчүн Кытайдын Африкадагы эң чоң келишими беш миллиард долларга тең, деп эсептелүүдө.

Корутундулап айтканда, борбордук Африка мамлекеттери Кытайдын экономикалык жактан катышканынан пайдаланган абалда келечекте Кобиланы кулатуу жана аянт жагынан Африкадагы эң чоң мамлекет болгон Конгону Америка таасирине өткөрүү үчүн оппозиция күчтөр болуп эсептелет. Ошол эле учурда, Британия менен Франция да мунун алдын алуу үчүн саясий жана аскерий мүмкүнчүлүктөрүн ишке салууда. Тараптар ортосундагы күрөш күчөй берет. Ошондо, Конго Британияга көз каранды болгон Африка континентинин түштүгүндө жайгашкан Замбия, Зимбабве жана Түштүк Африка сыяктуу мамлекеттерден жардам сурайт. Руанда болсо тутси урууларына барып такалган козголоңчуларды күчөтүү үчүн Америкага көз каранды болгон Уганда жана Бурундилерден жардам сурайт.

**6-зулкаъда, 1429-х.**

**4-ноябрь, 2008-м.**

**Косово окуялары жана анын Европага тийгизген таасири**

**Суроо:** ***Косовонун түндүгүндө наразылык демонстрациялар жүз берди. Косоволук сербдер полиция жана аймактагы НАТО күчтөрүнө каршы акцияларды уюштурушту. Сербия Косоводогу серб азчылыгын коргоо үчүн аймакка куралдуу күчтөрүн киргизүү ыктымалына даярдык көрдү. "Аль Жазира" маалымдашынча, "National Interest" сайтында Европадагы кийинки согуш Косоводо баштала турганын эскерткен материал жарык көрдү. Анда Косоводогу абал менен Украинадгы учурдагы согуштун ортосунда окшоштук бар экендиги белгиленген: "Батыш саясатчылары бул абалга көңүл бурушу керек. Украинадагы аёосуз согуш – Европанын туруктуулугуна зыян жеткирген эң чоң коркунуч. Бирок, Косовонун түндүгүндөгү кризис Украиндагы согуш жалгыз коркунуч эмес экендигине ишара кылууда...". (10.06.2023, "Аль-Жазира", "National Interest").***

***Косоводогу окуялардын артында ким турат? Эл аралык таасирге ээ саясатчылардын билдирүүлөрүнөн түшүнүлгөндөй, Балкандагы бул окуялар Украинадагы согуш сыяктуу Европа өлкөлөрүн алек кыла турган даражада коркунучтуубу?***

**Жооп:** Косовонун түндүгүндө болгон чыңалууну ачыктоо үчүн ушуларды карап чыгуу керек:

Биринчиси: Балкандын тарыхын карап чыксак ушулар айкын болот:

1. 15-кылымда Усманий мамлекет Балкан аймагын фатх кылгандан кийин Рим империясы толугу менен христиандаштырган аймакта Ислам жайыла баштады... Албандар мусулман болду. Албандар бүгүнкү күндө Албания жана Косово калкын түзөт. Кийин боснялыктар Исламды кабыл алды. Босния 1992-жылы Югославиядан көз карандысыздыгын жарыялагандан кийин миңдеген мусулман кыргынга дуушар болду. Учурда алар Босния-Герцоговина калкын түзөт.

2. Британия Балканда улутчулдук, сепаратисттик пикирлерди жайып, тутантканына карабай, Косово 1912-жылга чейин Усманий мамлекеттин курамында калды. Андан кийин Сербия, Черногория сыяктуу бир катар падышалыктар Италия колонизаторлору менен күчүн бириктирип, Косовону басып алышты. 1946-жылы Югославиянын президенти Тито Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин айрым жоболордун алкагында Косового автономиялык укук берди. Югославия 1990-жылдары чачырагандан кийин анын ордунда Сербия өлкөсү пайда болду. Косово да Сербиянын курамында калып кетти. Сербиянын канкор президенти Слободан Милошевич Косово көз карандысыз болбошу үчүн өлкөнү темир кол менен башкарды. А түгүл, Косовону автономия укугунан ажыратты. 1990-жылы эгемендүү болуу боюнча өткөрүлгөн референдумдан кийин Косоводо бир катар акциялар башталды. Аны бастыруу үчүн жасалган кыргындар 1999-жылга чейин созулду... Эл аралык шарттардын натыйжасында окуяга НАТО аралашып, Сербияга аба чабуулдарын жасады. Натыйжада, Сербия Косоводон чыгууга мажбур болду. Ал эми, НАТО күчтөрү Косоводо аймакта тынчтыкты кепилдеген күч болуп калтырылды.

3. 2008-жылы Косово Сербиядан көз карандысыздыгын расмий түрдө жарыялады. Алгач АКШ жана Европа баштаган бир катар өлкөлөр Косовонун көз карандысыздыгын тааныды. Ал эми, Сербия менен Орусия Косовонун көз карандысыздыгына катуу каршы турду. Кытай да алардын катарына кошулуп, Косовонун эл аралык уюмдарга мүчө болушуна каршы турду. 2023-жылдын 19-мартына келип Евробиримдик Сербия менен Косовонун мамилесин нормалдаштырган келишим түзүлгөнүн билдирди. Келишим Сербия Косовонун көз карандысыздыгын тааныганын билдирет. Бул, Украина согушунун артынан Орусияга каршы кадам эле. О.э келишим Сербиянын да, Косовонун да Евробиримдикке мүчө болуусуна эшик ачты.

Экинчиси: бул окуяларга чейинки жергиликтүү жана эл аралык абал:

1. Сербия Орусиянын Чыгыш Европадагы таасиринин акыркы таянычы болуп эсептелет. Орусия сербдер НАТО менен согушкан жылдары ар дайым Сербияны колдоп-кубаттап келген. НАТОнун 1999-жылы Косовону Сербиядан бөлүп алуу үчүн жасаган чабуулу Орусиянын алсыздыгын жана малайларын коргоп калууда жөндөмсүздүгүн көрсөттү. Бул Орусиянын Балкандагы акыркы таасирине оор сокку болду. Ошентсе да Орусия Сербияны мүмкүнчүлүгү жеткенче колдоп-кубаттап, курал-жарак жеткирип, эл аралык уюмдарда саясий колдоо көрсөттү. Ал Косовонун көз карандысыздыгына катуу каршы турду жана Босния-Герцоговинадагы сербдерди колдоо үчүн экономикалык долбоорлорду өнүктүрүп жатканын билдирди. Эки өлкөнүн чиркөөлөрү ортосундагы кызматташтыкты бекемдеди. “Спутник” агенттиги үчүн Белградда медиа борбор курду жана бул агенттик чыңалууну күчөтүп, Орусиянын сербдерди колдоосун көрсөткөн борборго айланды. Серб лидерлери Сербиядагы шайлоолор алдында популярдуулугун арттыруу үчүн Орусия президенти Путин менен сүрөткө түшүүгө өзгөчө маани бере турган болушту. Жыйынтыктап айтканда, Орусия Сербия, Косово жана Босния-Герцоговинадагы сербдердин арасында чоң таасирге ээ.

2. Орусия Украинага каршы согушту баштагандан кийин Батыш күчтөрү ага каршы биригишкенин көрдү. О.э Батыш Косово менен Сербиянын ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу үчүн (2023-жыл, март) ортомчулук кылып, Сербия менен байланышты күчөттү. Бул иш-аракеттер Сербияны Евробиримдикке жана келечекте НАТОго кошуунун жолун ачуу үчүн жасалды. Бул болсо, Сербия менен Батыштын ортосундагы жакындашууну ачык-айкын көрсөтүп турат. Украинадагы согуш себептүү Орусиянын эл аралык майдандагы таасири алсыраганын көрсөтүү үчүн Швеция менен Финляндияны НАТОго кошуу аракеттери да ушуга окшойт.

2022-жылдын июнунда Европа өлкөлөрү Орусия Тышкы иштер министри Лавров Сербияга баруу үчүн Европанын аба мейкиндигинен

өтүшүнө тыюу салды. Натыйжада, Сербиянын Ички иштер министри: “Сербия өзүнүн позициясын коргойт. Орусияга каршы кампанияга эч качан кошулбайбыз. Сербия – Европада Орусияга санкция салууну каалабаган жалгыз өлкө”, - деп актанды. (22.06.2022, www.youm7.com). Бул билдирүү Орусия менен болгон алаканын абалын, айрыкча Батыш өлкөлөрүнө эшик ачкан байланыштар себептүү Сербия оор басым астында экенин көрсөтүп турат. А түгүл, Сербияны Батыштын жолуна салуу мындан да оор натыйжага алып келиши мүмкүн. 2023-жылы 4-мартта “Sky News Arabia” маалымдашынча, бейшемби күнү Орусия Сербиянын Украинага миңдеген ракета жибергени тууралуу маалымат боюнча Белграддан расмий түшүндүрмө берүүнү талап кылды. Орусия Тышкы иштер министринин катчысы Мария Захарова “Москва катуу тынчсызданып жатканын, окуяларга дыкат баам салып турганын” билдирди. Сербия Украинага ракете жеткирүү жаңжалын четке какса да, бул позициялар Сербия тоскоолдуктарга карабастан Орусиядан алыстап жатканын көрсөтөт.

3. Орусия менен Сербиянын мамилесиндеги мындай абалдан улам, Орусия ал жердеги таасиринен пайдаланып чыңалууну дагы да күчөтө баштады. Ал Сербиядагы колонизаторлук таасиринен ажырап калбоо үчүн жергиликтүү таасирин-куралдарын ишке салууда... Мындан улам, Косово президенти: “Косово, Босния жана Черногорияга чабуул кылуу менен аймакта туруксуздук чыгарууга аракет кылып жатат”, - деп Орусияны айыптады. (22.12.2022, www.independentarabia.com). “Washington Post” гезити аналитиктерге шилтеме жасап, Украина согушу аймактагы чыңалууну күчөтүп жатканын, Орусиянын улутчул көз карашын Сербия лидерлери, анын ичинде ашынган улутчул экс-президент Слободан Милошевичтин өнөктөшү болгон учурдагы улутчул президент Александр Вучич да бар экенин жазды. “Wall Street Journal” гезити Орусия согушту Европаны туруксуздаштыруу үчүн колдонушу ыктымал экенин, мындан улам, НАТО

менен Евробиримдик Косово менен Сербиянын ортосундагы чыңалууну тез арада токтотуп жатканын билдирди.

4. Украинада согуш башталар алдында “Америка коомдук саясатты изилдөө иниституту”нун кызматкери Ивана Страднер Орусия Балканда башаламандык чыгаруу ниетинде экенин эскерткен. 2023-жылы 20-апрелде “Independent Arabia” билдиришинче, “Foreign Affairs” журналы “Орусия Балканда от менен ойноп жатат” деген темада макала жарыялаган. Макалада Страднер: “Орусия кагаздан кабылан экенин далилдөө үчүн ЕБ менен НАТОго чакырык таштап, Балкан жаңы театрга айланышын уюштурушу ыктымалдан алыс эмес”, - деди. (20.04.2023, www.independentarabia.com). Демек, Орусия Украина согушундагы алсыздыгын жашыруу, Европаны дагы бир согуш менен алек кылуу жана Сербияны өз таасиринен чыгарбоо үчүн Косоводогу башаламандыкты тутандырып жатканы чындыкка жакын.

Үчүнчүсү: акыркы окуялардын акыйкаты:

1. Эки миллион адам жашаган Косоводо сербдердин саны 120 миңден ашпайт. Сербдердин үчтөн бири акыркы чыр-чатактын очогу болгон Сербия менен чектеш 4 райондо жашайт. Калктын 90 пайызын сербдер түзгөн (50 миң) бул 4 райондо Косово бийлигинин таасири дагы да азайды. Анткени, полиция кылмыштарды токтото албай жатат, этникалык айырмачылык жана сербдер бутага алынууда деген айыптардан улам кылмышкерлерди камай албай калды. Бул райондордогу сербдер этникалык негизде демонстрацияга чыгып, Сербияга кошулууну талап кылышууда. Табигый түрдө бул демонстрациялар косоволук сербдерди коргоо деген шылтоо менен чек аранын ары жагына да жайылды.

2. 2022-жылдын августунда Косово өкмөтү бул райондорду көзөмөлгө алуу үчүн Косовонун түндүгүндө Косово паспорту жана номерине ээ болууну милдеттүү кылган мыйзам чыгарды. Бул мыйзамдар 2022-жылдын ноябрында район жетекчилери менен серб тектүү полициялардын массалык түрдө жумуш таштоосуна себеп болду. Митингдер өлкөнүн түндүгүнө

жайылышынын артынан өкмөт 2023-жылдын апрелинде сербдер катышпаган жана мусулман талапкерлер жеңип чыккан жергиликтүү шайлоонун жыйынтыгын жарыялады. Натыйжада, райондордун жетекчилери мусулман албандар болушун кабыл албаган сербдер наразылык акцияларына чыгышты. Демонстрациялар жолдорду тосуу менен коштолду. Мындан улам, Косово өкмөтү коопсуздукту сактоо чараларын көрүүгө мажбур болду. Ошондуктан, райондун жаңы жетекчилеринин ант берүү аземинде полиция коопсуздукту камсыздады. Сербдер өкмөт үйлөрүн басып алууга аракет кылды, бирок, Косово полициясы даяр тургандыктан имараттарды басып алууга жол берген жок. Андан бир аз мурун Сербия президенти аскерий кийлигишүү ыктымалына байланыштуу армияны күжүрмөн даярдыкка келтирген болчу.

3. Ал эми, Орусия сербдерге колдоо көрсөтүп, отко май чачып жатты. Орусия Тышкы иштер министринин катчысы Мария Захарова 2023-жылы 29-майда демонстрация башталардан мурун: “Приштинадагы кырдаалды курчуткан жана бүткүл Балкандын коопсуздугуна коркунуч келтирген провакациялык аракеттерди чечкиндүү түрдө айыптайбыз”, - деп билдирүүдө берди. Захарова бул окуяларга толугу менен АКШ менен Евробиримдик жооптуу экенин кошумчалады. (28.05.2023, www.youm7.com). Наразылык акцияларынын артынан Орусия Тышкы иштер министри Сергей Лавров билдирүү жасап, Косоводо чыңалган абал Европанын борборунда чоң жарылууга айланышы мүмкүндүгүн айтты. Ал дүйшөмбү күнү журналисттердин суроосуна жооп берип жатып, абал “кооптуу” экенин билдирди жана бул жагдай Балканда “чоң жарылууга” себеп боло турганын кошумчалады. (30.05.2023, “Sout Al Khaleej”). Сербдердин Косовонун түндүгүндө өз укуктары үчүн күрөшүп жатканына басым жасаган Лавров армия даярдыкта турганын жана чечимди Сербия президенти кабыл аларын белгиледи. (30.05.2023, www.independentarabia.com).

4. Америкага келсек, анын позициясы Европаныкынан дээрлик айырмаланбайт. Косовонун түндүгүндөгү чыңалууну токтотуу үчүн тез арада чара көрүү максатында АКШ, Британия, Франция, Германия жана Италия тарабынан ортоктош билдирүү жарыяланды. (26.05.2023, “Британия өкмөтүнүн расмий сайты). Британия 1999-жылы НАТОнун Косово маселесине кийлигишүүсүнөн кийин эң чоң борбордук сектор болгон Приштинаны таасири астына алууну каалаган. Ошон үчүн Британия Косово көз карандысыздыгын жарыялагандан кийин Приштинада элчилигин ачкан алгачкы НАТО өлкөсү болуп калды. (21.02.2008, “Radio Sawa”). АКШ да беш ай өтпөй борбордо элчилигин ачты. (19.07.2008, www.youm7.com). АКШнын мамлекеттик катчысы Энтони Блинкен Приштина бийлигинин район башчыларынын ант берүү ырасымында имаратка коопсуз кирүүсүн камсыздоо үчүн күч түзүмүн колдонуу чечимин “керексиз жана чыңалууну күчөтүүгө жол ачты” деп билдирди. (31.05.2023, “Russia Today”). О.э Блинкен Ослодогу НАТОнун жыйыны учурунда журналисттердин суроолоруна жооп берип жатып: “Косово жана Сербия өкмөттөрүн чыңалууну басаңдатуу үчүн тез арада кадам таштоого чакырабыз”, - деди. (02.06.2023 “Аль Жазира”)

5. Батыштын ушул иш-аракеттеринен улам, Косоводогу кырдаал басаңдоого карай жыла баштады. Косово президенти Албин Куртий да катуу позициясын жумшартып, косоволук сербдерди коргоого аракет кылганын айтып, сербдер тынч жол менен үндөрүн жеткирүүгө укуктары бар экенин билдирди, “зордук-зомбулук жолу менен эмес, шайлоо аркылуу Косоводо бийликке келүү мүмкүн” экенин кошумчалады. Ал Косовонун түндүгүндө жакында жүз берген демонстрацияларды токтотуу үчүн кайрадан жергиликтүү шайлоо өткөрүүнү сунуштады. (02.06.2023, “Аль Жазира”). Ошол эле учурда, Франция президенти Макрон менен Германиянын канцлери Шольц Молдовада өткөн жыйында Косово президентине

чыңалууну басаңдатуу үчүн Сербия президенти менен жолугууга чакырып, басым жасады.

6. Булардын баарынан көрүнүп тургандай, Орусия Сербиядагы таасирин ишке салуу менен Косоводо чыңалууну күчөтүүдө. Анткени, Орусиянын Сербия менен Косоводогу сербдердин арасында муну ишке ашыра ала турган куралдары бар. Орусия Украинадагы согушта ачыкка чыккан алсыздыгын жашыруу үчүн Косоводо чыңалууну күчөтүп жатат. Муну менен Сербия анын таасири астынан чыгып кетүүсүн токтотууга умтулууда. Орусия аткаминерлери Сербияга колдоо көрсөткөн билдирүүлөр аркылуу Косоводогу согушту күчөтүп, отко май чачып жатты. Бирок, Европа өлкөлөрү менен Америка өрт тутанары менен аны тез арада өчүрүү чараларын көрүштү.

Төртүнчүсү: корутундулап айтканда, Орусия Косоводогу сербдер себеп болгон жана Сербияны аракетке келтирген чыңалуудан алыс эмес. НАТОнун Косоводо жайгашканын эске алганда, Орусия бул абалды чыңалтуу аркылуу Батышты алек кылууну жана НАТО сербдер менен косоволуктардын ортосунда алоолонгон отто калышын үмүт кылган. Орусия муну менен Украинадагы согушту тутандырып жаткан АКШ менен НАТО бир аз да болсо артка чегинет деп күткөн. Көрүнүп тургандай, АКШ менен Батыш бул маселени аңдап түшүндү. Ошондуктан, сербдер менен Косово ортосундагы абалды тынчтандыруу үчүн ар түрдүү чараларды көрүштү. Чыңалууну басаңдатуу үчүн Сербия менен Косового Евробиримдикке, андан кийин НАТОго кошулуу мүмкүндүгүн сунушташты. Айрыкча, Америка менен Косово аткаминерлеринин билдирүүлөрүнөн айкын болгондой, Америка менен Батыш наразылык акцияларын токтотууда ийгиликке жетишкендей.

Бул окуялардын артындагы турган план жана натыйжалары тууралуу басымдуу көз карашыбыз ушундай.

Жыйынтыктап айтканда, Косово Усманий мамлекеттин бир бөлүгү болуп, калкы узак жылдар мурун мусулман болушкан. Мусулмандарды

колонизатор кафирлердин зулумдугунан коргой турган Халифалык мамлекети бар болгондо кафир колонизаторлор өз иштерин каалагандай жүргүзө албайт эле. Балкан жана Косоводо Ислам байрагы желбиреп турмак.

Сөзүбүздүн акырында Алла Тааладан Ислам Умматынын кыйынчылыгын кетирип, Рошид Халифалыктын кайрадан тикелениши аркылуу улуулугуна жеткиришин сурайбыз.

﴿وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ الْمُؤْمِنُونَ * بِنَصْرِ اللَّهِ يَنْصُرُ مَنْ يَشَاءُ وَهُوَ الْعَزِيزُ الرَّحِيمُ * وَعْدَ اللَّهِ لَا يُخْلِفُ اللَّهُ وَعْدَهُ وَلَكِنَّ أَكْثَرَ النَّاسِ لَا يَعْلَمُونَ﴾

«Ошол күндө момундар Аллахтын нусраты себептүү шаттанышат. (Аллох) Өзү каараган кишиге нусрат берет. Ал Зат кудуреттүү жана ырайымдуу. (Бул) Аллахтын убадасы. Аллах Өз убадасына (эч качан) тескери иш кылбайт. Бирок, көп адамдар муну билишпейт» [30:4-5]

**22-зулкада, 1444-х.**

**11-июнь, 2023-ж.**

## Кот-д'Ивуардагы окуялар

**Суроо:** *Кот-д'Ивуарда (Пил Сөөгү Жээги) кандай окуялар болуп жатат? 2010-жылы 28-ноябрда президенттикке экинчи тур шайлоосу өткөрүлдү. Шайлоодо учурдагы президент Лоран Гбагбо тарапкери болгон конституциялык кеңеш Гбагбонун 51,45% добуш менен жеңип чыкканын жарыялады. Шайлоо комиссиясы болсо, анын атаандашы ал-Хасан Уаттаранын 54,1% добуш менен жеңип чыкканын жарыя кылды жана Америка да, БУУ да, эл аралык Коопсуздук Кеңеши дагы шайлоо комиссиясы чыгарган жарыяны, т.а. ал-Хасан Уаттаранын жеңип чыкканын моюнга алды. Президент Гбагбо муну четке кагып, конституциялык кеңештин жарыясына ылайык, өзүн шайлоодо жеүүчү деп билип, бийликте калууга катуу чечим кылды, аны армия да колдоп-кубаттады. Ко-ош, бул – шайлоодогу уруучулук жана диний атаандаштык түрүнөбү же саясий күрөш түрүнө киреби? Эгер,*

*саясий күрөш болсо, бул күрөш кимдердин ортосунда болуп жатат? Ушул шайлоо проблемасынын кандай чечилиши күтүлүүдө?*

**Жооп:** Суроого жооп берүүдөн мурун төмөнкүлөрдү баян кылабыз:

1 – Тарыхтан белгилүү болгондой, Франция Кот-д'Ивуарга 1843-жылы кирип келип, анын Франция протекторатына өткөнүн жарыялады. Бирок, мусулмандар Францияга каршы согушуп, аны жеңип чыгышты жана ал жерде Ислам шариятын колдонуучу исламий эмирликти жарыя кылышты. Бирок, франциялыктар 1893-жылы бул өлкөгө коңшулаш жайгашкан мамлекеттердин жардамында аны басып алууга жана Франция колониясы деп жарыялоого жетишти. Кийин ошол кездеги эл аралык абал себептүү Француз де-Голль тарабынан жасалма көз карандысыздык берилген көптөгөн Африка мамлекеттери катары 1960-жылы бул өлкөгө да жасалма эгемендүүлүк берди. Кот-д'Ивуарга Франция малайы Феликс Уфуэ-Буаньи ошол убактан тартып, 1993-жылы көз жумганга чейин президенттик кылды. Ал президенттик доордо түздөн-түз Франция жана анын күчтөрүнө баш ийип, өлкөнү Франциянын буйругуна ылайык төмөнкү таризде бөлүп таштады:

Түндүктөгү какао эгин талааларында эмгектенүүчү мусулмандар. Бул мусулмандар түндүктө француздар тарабынан куугунтукталып, зулумга учурашты, жакыр жана куру жалак калган абалга таштап коюлду. Алардын саны өз өлкөсү болгон Кот-д'Ивуар калкынын 65%ын түзүшү этибарга алынбады. Батыш булактары болсо, белгилүү бир саясатка ылайык алардын санын 40%дан аз кылып көрсөтүп келди.

Түштүктө жакшы жашаган бутпарасттар жана алардан насронийликти кабыл алгандар, өлкө жетекчилери, армия командачылары. Ушул бөлүнүүдөн – бутпарасттар арасында Исламды кабыл алгандардын саны көбөйүп кетишине жол койбостук жана аларды насронийлештирүү максат кылынды.

2 – Кот-д'Ивуар какаого бай өлкө. Себеби, дүйнө боюнча какао өстүрүүнүн 40% ушул өлкөгө тиешелүү, алардан Франция компаниялары гана пайдаланат. Мындан тышкары, ал жерде жез, алмаз, кобальт, уран сыяктуу башка байлыктар да бар, алардын чоң бөлүгүнөн болсо, француздар пайдаланышат. Жада калса, ал жердеги финансы мекемелеринин көпчүлүгү да француздардын таасири астында. Өлкөнүн түзүмү, экономикасы жана коопсуздугу да акимдер аркылуу Францияга байланган. Ал жерде дагы эле Франциянын 900 аскерий күчтөрү турат, бул күчтөр өлкөдөгү бийлик тобуна таянган абалда 15-20 миң тегерегиндеги франциялык инвесторлорду коргоп турат. Кот-д'Ивуар Атлантика жээгиндеги Гвинея булуңунда жайгашып, стратегиялык орунга ээ. Анын айланасында Францияга колония болгон бир канча Африка мамлекеттери бар жана өзү да Франциянын таасири астында. О.э. Кот-д'Ивуар – француз тили жана маданияты мажбурлап тыгыштырылгандыктан – Франкофония калааларынын бири болуп эсептелет. Ошондуктан, бул өлкө экономикалык жана стратегиялык жактардан тышкары, Франция колониясы үчүн маанилүү орунга ээ.

3 – Америка Кот-д'Ивуарды Франциянын таасиринен чыгарып, өз таасири астына киргизүүгө кызыгууда. Мындан улам, Кот-д'Ивуар бул күрөш себептүү түрдүү окуялар жана тартипсиздиктерди, 1999-жылдын акырында болуп өткөн аскерий төңкөрүштүн күбөсү болду. Ыңкылап жетекчиси Роберт Жеи шайлоо өткөрүүгө убада берип, чынында эле 2000-жылы 22-октябрда шайлоо болуп өттү. Шайлоодо Американын көптөгөн каражаттарына карабастан, Франция өз малайы Лоран Гбагбону бийликке алып келүү менен башкарууну өз колунда кармап калууга жетишти.

Ошондой болсо да, Американын ыкмалары жана түрдүү басымдары токтогон жок, натыйжада, Франция келерки шайлоодо Гбагбонун бийликтен кулатылышынын божомолунан кооптонуп калды.

Ошондуктан, 2005-жылы Гбагбо президенттиги соңуна жеткенде шайлooду алты жолу кечиктирди. Акыры, үстүбүздөгү жылы Америка Гбагбого жана анын режимине катуу басым өткөрүп, ага эл аралык санкцияларды колдонушу жана изоляция коюшу натыйжасында шайлоо болуп өттү. Шайлоодун биринчи туру октябрь айында, экинчи туру болсо ноябрда (2010-жылы 28-ноябрда) болуп өттү.

4 – Шайлоо натыйжасында учурдагы президент Лоран Гбагбо тарапкери болгон конституциялык кеңеш Гбагбонун 51,45% добуш менен жеңип чыкканын жарыя кылды. Ал эми, шайлоо комиссиясы болсо анын атаандашы ал-Хасан Уаттаранын 54,1% добуш менен жеңип чыкканын жарыялады жана Америка да, БУУ да, Коопсуздук Кеңеши да шайлоо комиссиясынын жарыясын, т.а. ал-Хасан Уаттаранын жеңип чыкканын моюнга алды. Президент Гбагбо муну четке кагып, конституциялык кеңештин жарыясына ылайык өзүн шайлоодо жеңүүчү деп билип, бийликте калууга катуу чечим кылды, аны армия да колдоп-кубаттады.

Албетте, Америка, БУУ жана Коопсуздук Кеңешинин шайлоо комиссиясынын жарыясын, т.а. Гбагбонун иштен кетишин моюнга алышы о.э. Американын Гбагбону бийликтен кетүүгө мажбурлоо үчүн коркутуп, фитналарды уюштуруп жатканы – Гбагбонун позициясы Америка саясатына каршы турганын жана ал дале францияпарасттыгын сактап турганын түшүндүрөт.

5 – Ал-Хасан Уаттарага келсек, ал Эл аралык Валюта Фондунун төрагасынын орунбасары кызматында иштеген. Кийин Бужни аны Американы ыраазы кылуу жана Америка басымдарын жеңилдетүү максатында өлкөгө премьер-министр кылып алып келди. Франция ал-Хасан Уаттаранын Эл аралык Валюта Фондунда иштеген кезинде эле америкапараст экенин түшүнүп жеткен. Бирок, бийликте өзүнүн Бужнидей тажрыйбалу күчтүү малайы турганы үчүн ал-Хасан

Уаттарадан кооптонбоду. Ошол эле учурда, Америка басымдарын да тынчытып турчу... Бирок Бужни 1993-жылы көз жумгандан соң, Франция Америка таасиринен жана ал-Хасан Уаттаранын жылдызы жаркырып бара жатканынан коркуп калды. Себеби, Уаттара өлкөдө Эл аралык Валюта Фондунун саясатын колдоно баштаган эле. Мына ошондо Франция парламент төрагасы Анри Конанды алып келди. Максат, аны өлкөгө убактылуу президент кылып, ал-Хасан Уаттаранын президенттик шайлоого талапкерлигин коюшуна тоскоолдук коюп, кийин 1995-жылы Анрини өлкөнүн иш жүзүндөгү президенти кылып коюу болчу.

Булардан ал-Хасан Уаттара Эл аралык Валюта Фондунда иштеген кезинен бери өзүнүн америкапарасттыгын жоготпогону көрүнүп турат. Ушул себептен улам, Америка аны колдоп-кубаттап, шайлоонун жеңүүчүсү жана өлкөнүн мыйзамдуу президенти деп карады о.э. эл аралык коомчулукту бул маселеге каратты. БУУ да өзүнүн башкы катчысы Пан Ги Мун тилинен ал-Хасан Уаттараны колдоп-кубаттады. Америка Коопсуздук Кеңешинде ушул маселеде токтом чыгарып, 2010-жылы 9-декабрда ал-Хасанды Кот-д'Ивуардын президенти деп жарыялоого жетишти. Токтомдо Лоран Гбагбого мындай деп эскертүү чыгарды: «Коопсуздук Кеңешинин мүчөлөрү калктын каалоосун жокко чыгарууга болгон же шайлоо жараянынын тунуктугун бузууга болгон ар кандай урунууну мүмкүн болушунча катуу сөздөр менен каралайт». Ошону менен бирге, Америка Африка Союзун да ал-Хасан Уаттаранын ийгилигин колдоочу токтом чыгарууга үндөдү. Гбагбону четке алууга жана бийликти ал-Хасан Уаттарага бошотуп берүүгө мажбурлоо жолунда Гбагбого басымдар, коркутуулар менен бирге, ага каршы провокациялар уюштурду. Биз  Африка Союзунун бул багытта саясат алып барып, 2010-жылы 9-декабрда «Кот-д'Ивуардын Африка Союзуна мүчө кылууну Гбагбонун бийликти ал-Хасан Уаттарага тапшырганга

чейин бекер кылып коюу» жөнүндө токтом жарыялаганын күбөсү болдук. О.э. Батыш Африка Экономикалык уюмунун (ECOWAS) Гбагбодон бийликти таштап, аны уюм тарабынан жеңүүчү деп моюнга алынган ал-Хасан Уаттарага бошотуп берүүнү талап кылганын да күбөсү болдук. Америка ушул таризде коомдук пикирди, эл аралык жана жергиликтүү уюмдарды Гбагбо жана анын режимине каршы козгоп, өлкөдө тартипсиздиктердин жүзөгө келишинен, өлкөдө катуу кризис жүз беришинен эскертүүдө, көптөгөн эл аралык санкциялар белгилөө жана изоляция коюу менен коркутууда. Мунун үстүнө, Гбагбого каршы провокация уюштурулуп жатат. Мисал үчүн, «Рейтер» маалымат агенттиги 2010-жылы 10-декабрда бир америкалык жооптуунун мындай билдирүү бергенин басып чыкты: «Обама Гбагбого мындай сунуш койду: эгер, Гбагбо бийликти бошото турган болсо, анын кызматынан кеткени тууралуу токтомду дүйнө жетекчилери ичинде биринчи болуп алкыштаган жетекчи Обама болот о.э. региондо демократияны бекемдөөнү ага тапшыруу үчүн Гбагбону Ак Үйгө чакырат. Эгер, Гбагбо бул сунуштан баш тартып, бийликтен кетпесе, Америка ага карата колдонулуп жаткан изоляция коюу жана жоопкерчиликти ага жүктөө аракеттерин колдоп-кубаттайт».

6 – Американын басымдары, саясий чаралары, коркутуулары, «камчы жана шириндик» саясатынын жардамында фитна уюштуруу, булардын баары мыкты аткарылган иш-чаралар. Америка ушул иш-чаралар себептүү эл аралык коомчулуктун колдоосуна жетишти. Муну менен Франция жана Европа Союзу келишүүнүн ордуна, Уаттараны жеңүүчү деп эсептеп, шайлоо натыйжаларын колдоп-кубаттоого мажбур болду. Анткени, ушул келишүү Европа Союзунун, өзгөчө, Британиянын колдоосу астында Франция жетекчилигинде алга сүрүлүүдө. Келишүүдө дал Кенияда болгон сыяктуу, бийликти бөлүштүрүп алуу, Гбагбо республика президенти болуп калышы, ал

эми, ал-Хасан Уаттара болсо, премьер-министрлик кызматында калышы айтылат. Франция Кот-д'Ивуарда жайгашкан өзүнүн армиясынан жана өзүнүн күчтүү таасири астында кармап турган Кот-д'Ивуар армиясынан Американы келишүүгө ыраазы кылуу үчүн көзүр карта катары пайдаланууга урунууда. Чындыгында, Британия да өзүнүн Африкадагы малайларын ушул тарапка багыттоо менен Франциянын пайдасы үчүн саясат алып барып, Түштүк Африканы ишке салды. Түштүк Африка тышкы иштер министрлиги билдирүү чыгарып мындай деди: «Претория жаңжалдашып жаткан тараптарды өздөрүн тыйып алып, улуттук кызыкчылык үчүн аракет кылууга о.э. ушул доордо биримдикти толук биринчи маселеге айлантууга чакырат» («BBC», 2010-жыл 9-декабрь). Түштүк Африка Республикасы ал-Хасан Уаттараны колдобошун, тескерисинче, өлкө бүтүндүгүн жана Гбагбонун бийликте калышын камсыздоочу келишүүнү ишке ашыруу маанилүү экенин билдирди. Англистер да ушул келишүүнү ишке ашыруу үчүн өз малайлары болгон Түштүк Африканын мурунку президенти Табо Мбекини ишке салышты. Табо Мбеки расмий түрдө Европа Союзунун атынан аракет кылды... Табо Мбеки ал-Хасан Уаттара менен жарым саат маектешкенден соң, Уаттара Мбекиге «Мбекиден Лоран Гбагбонун бийликке жабышып албашын талап кылышын сурадым» деди («AFP», 2010-жылы 6-декабрь). Бул болсо, Мбекинин Гбагбону бийликтен четтетүүгө эмес, тескерисинче, дагы да бекемдөөгө аракет кылып жатканына далалат кылат. Муну Мбекинин жогорудагы учурашуу артынан берген ушул билдирүүсү да баса белгилеп турат: «Абал абдан калтыс. Маанилүүсү, кандуу кагылышуудан этият болуп, кайра согуш баштабоо жана тынчтык чечимине жетишүү керек» (Жогорудагы булак). Т.а. Мбеки үчүн Америка катуу тургандай, Гбагбо бийликтен кетип, ордуна ал-Хасан Уаттаранын келиши маанилүү эмес. Аныгы, кагылышуудан этият болуп, Франциянын таасирин жок кылып жибере турган согуштун

алдын алуу жана тынчтык чечимине жетишүү маанилүү. Бул болсо, өз кезегинде, Гбагбо менен Уаттара ортосунда жарашууну жүзөгө чыгаруу зарылдыгын түшүндүрөт. Англистер Американын таасирине каршы аракет кылып жатышканы анык көрүнүп турат. Муну англистер Франциянын гана пайдасы үчүн ушундай кылып жаткан жок. Тескерисинче, мунун себеби мында, эгер, Кот-д'Ивуарда Франциянын таасири төмөндөп кетсе, баарынын (Франциянын да, Британиянын да) өлкөдөгү таасирлерине терс жагдай көрсөтөт. Акыйкатта болсо, алар өз таасирлерин бүткүл Африка континенти бойлоп кеңири жайып жатышкан эле. Англистер эзелки колонизатордук заманынан бери өз таасирин коргоо жана ушул жолдо өз ара жардамдашуу үчүн көп учурларда француздар менен бири-бирин түшүнүп келишкен. Америка эл аралык майданга чыгып, алардын колонияларын жок кылуу үчүн аларга каршы согуш баштаганда, экөөсү тең ага каршы туруу үчүн өз ара кызматташтыкты андан да күчөтүштү. Мындан тышкары, англистер үчүн француздар үстөмдүк кылып жаткан өлкөлөрдө өз таасирлерин жаюу жеңил болот. Мисалы, көптөгөн өлкөлөрдө о.э. Түндүк Африка өлкөлөрүндө ушундай болгон. Бирок, чоң кубат жана үлкөн мүмкүнчүлүктөргө ээ Америкадай өлкө менен атаандашуу алар үчүн, айрыкча, англистер үчүн оңой эмес. Негизи, англистер Америка алардын таасирлерин жана колонизатордуктарын бүтүндөй жок кылууга аракет кылып жатканын жакшы түшүнүп турушат.

7 – Ошентип, Кот-д'Ивуардагы шайлоо проблемасы эл аралык күрөш болуп, анын негизги эки тарабында Америка менен Франция турат. Эми, эмне күтүлүп жатканына келсек, эгер, эки тарап тең каалаган нерселерине жетише албаса, башкарууну бөлүштүрүп алууга келишүү туура болот. Бирок, тараптардын бири өзү каалаган нерсесине жетише алса же жетүүгө көзү жетсе, келишүүнүн ийгиликтүү чыгышы абдан кыйын. Кот-д'Ивуарда болуп жаткан окуяларды о.э. Американын

эл аралык коомчулукту Гбагбого каршы чыгара алганын күзөтүп турган киши Америка Гбагбонун бийликтен кетишине, анын ордуна Уаттаранын олтурушуна үмүт кылат жана келишүүгө макул болбойт деп эсептейт. Бул болсо камроқ күтүлүп жаткан нерсе. Бирок, өз ара келишүү жүз беришин да четке кагып болбойт... Америка, учурдан пайдаланып, Африка мамлекеттерин аскерий төңкөрүшсүз шайлоону кабыл алууга үндөө керек деп эсептеп жатат. Себеби, мындай абалда Америка башкаларды көбүрөөк ишендирген шылтоолорго ээ болот жана бул шылтоолар менен өзүнө малай акимдерди жалдап, аларды коргой алат. Себеби, анын малайлары кудум мыйзамдуу акимдердей жана бийликке шайлоо аркылуу калктын каалоосу менен келишкендей көрүнүшөт. Мына ошондо эч ким Американы сен диктатор режимдерди колдоп жатасың деп айыптай албай калат. Жада калса, Америка малайлары аскерий төңкөрүш аркылуу бийликке келген тагдырда да аны эч ким минтип айыптай албайт.

Ошентип, Американын Гбагбого басым өткөрүүдөн жана коркутуудан о.э. ага бийликтен кетүүнү сунуш кылуудан баш тартпоосу күтүлүүдө. Себеби, Америка жетекчилиги өзүнүн президенти, мамлекет катчысы жана башка жооптуулары менен бирге бул маселеге бекем жабышып алды. Жада калса, курал иштетүүгө жана ички согуштун чыгышына алып келсе да, Америка Гбагбону бийликтен алып таштамакчы. Американын колунда Уаттаранын оюнда утуп чыгышын кепилдөөчү көзүр картасы бар. АКШ өлкөдө өз таасирин орнотуу үчүн Уаттараны бийлик тактысына өткөрүү үчүн болгон күчүн жумшоодо. Чындыгында, Америка мамлекет катчысы Хиллари Клинтон «Биз ал-Хасан Уаттаранын Кот-д'Ивуарга мыйзамдуу шайланган президент экенине о.э. бул шайлоо натыйжалары урматталышы керектигине толук кошулабыз» деп билдирүү берди. Бул жолу Америка утуп чыгышы көрүнүп турат. Ушуга ылайык, бийликтин бөлүнүшү, Гбагбо президент

болуп, ал-Хасан Уаттара болсо премьер-министр болушу тууралуу сунушка Американын ыраазы болбошу көбүрөөк божомолдонууда. Өзгөчө, Гбагбо өз калкынын – алар мусулмандарды түзсө да – диктатору деп таанылган соң, Америка анын диктаторлугунан өз чабуулу үчүн шылтоо катары пайдаланууда. Чабуулдан максат, Кот-д'Ивуарга өз таасирин орнотуп, Франция таасирин ал жерден да, бүткүл региондон да чыгарып таштоо. Америка өз жарандарын бул өлкөгө барууда этият болууга чакырып, Америка тышкы иштер министрлигинин билдирүүсүндө «наразылык демонстрацияларынын ыктымалы бар жана ал кан төгүүгө айланып кетиши да мүмкүн» деди («AFP», 2010-жыл 5-декабрь). Т.а. Америка Гбагбо бийликтен кетпеген тагдырда кудум кагылышууга чакырып жаткандай же ушуга даярданып жаткандай көрүнүүдө. Бул болсо, Франциянын бийликти бөлүштүрүү үчүн катуу турганда, Америка да Франциянын таасири ордуна өз таасирин жаюуга катуу турганына далалат кылат.

8 – Кыскасы, калкынын чоң бөлүгү мусулмандар болгон жана исламий өлкө эсептелген бул өлкөнүн тагдыры эл аралык күрөш үчүн да, анын байлыктарын ташып кетүүчү колонизаторлор күрөшү үчүн да майдан болуп калууда: Франция Кот-д'Ивуарда өзүнүн таасирдүү ролун сактап калууга катуу урунуп жатат; Америка болсо, бул өлкөгө жеке өзү гана өкүмдарлык кылууга катуу умтулууда. Бирок, Кот-д'Ивуар калкынын чоң бөлүгү мусулмандардан турган исламий өлкө болуп, мурун Ислам менен башкарылган. Ошондуктан, анын калкы колонизатор капырлардын таасирин киргизбей, өлкөсүнүн тагдырын өз колдоруна алуулары шарт. Бирок, мусулмандар Халифалык жок кылынгандан бери бүткүл дүйнөдө башкаруучу жетекчисиз калышты. Халифалык мамлекети бул өлкөнү колонизатор капырлардын таасиринен азат кылып, аны өзүнүн бир бөлүгүнө жана вилаяттарынын бирине айландырышы үчүн Кот-д'Ивуар да башка исламий өлкөлөр

катары Халифалык мамлекетинин тикеленишине ынтызар. Бул Аллага таптакыр кыйын эмес.

**5-мухаррам, 1432-х.**

**11-декабрь, 2010-м.**

### Крымдын Россияга кошулуусуу тууралуу суроого жооп

**Суроо:** *Россия Крым жарым аралын өзүнө кошуп алды жана Путин бул жөнүндөгү документке 2014-жылы 18-мартта кол койду. Жүз берген бул окуялар, айрыкча, Батыштын катуу каршылык көрсөтпөгөнү Россия Украинанын калган бөлүгүн да өзүнө кошуп алышынын башталгыч чарасы экенин түшүндүрөбү? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.*

**Жооп:** Биз мурунку жоопторубузда азыркы эл аралык жана регионалдык шарттар Украинаны өз тарабына тартуудан кызыкдар үч тараптын эч бирине Украинаны толук өз тарабына тартып алышына мүмкүнчүлүк бербешин, бул үч тарап ортосунда күтүлө турган чечим орточо (мунаса) чечим болушун айткан элек. Ошондуктан, Россия Украинаны толук өз тарабына тартып алышы азыркы убакта же эч болбогондо жакынкы келечекте ыктымалдан алыс. Россия Крым жарым аралында туруктуу орношо алса Батыш, айрыкча, Америка Украинанын калган бөлүгүндө туруктуу орношуусун түшүндүрөт.

Бирок, бул үч тараптын кайсы биринин Украинаны толук өз тарабына тартып алышы – айтып өткөнүбүздөй – азыркы убакта же эч болбогондо жакынкы келечекте ыктымалдан алыс.

Учурда болуп жаткан иштер орточо чечим аткарылып жатканын көрсөтүп турат. Бул чечим – Россия өз таасирин Крым жарым аралына жайышы, Батыш болсо, айрыкча Америка өз таасирин Украинанын калган бөлүгүндө жайышы. Ушул иштер муну көрсөтүп турат:

– Россия коргоо министри Сергей Шайгу америкалык кесиптеши Чак Хейгел менен 2014-жылы 20-мартта телефон аркылуу байланышып, Москва Чыгыш Украинага таптакыр чабуул кылбашын билдирип мындай

деди: «Чегара бойлоп чогулган күчтөр ал жерде машыгууларды өткөрүү үчүн гана турат. Аларда чегараны бузуп Украинага өтүү ниети жок жана алар эч кандай агрессия иштери менен алектенбейт».

– Киевдеги убактылуу өкмөт болсо ошол күнү: «Украина Россиянын орус тилдүү чыгыш региондорду өзүнө кошуп алууга каратылган ар кандай аракетине каршы аскерий сокку менен жооп кайтарат», деп баса белгиледи. Белгилүү болгондой, бул өкмөт мындан мурун 2014-жылы 19-мартта өз күчтөрүн Крымдан алып чыгып кетүүгө даяр экенин билдирген. Украина коопсуздук кызматынын башчысы өзүнүн мамлекети өз күчтөрүн жана жарандарын Крым жарым аралынан алып чыгып кетүү пландарын даярдап жатканын айтты. Андрей Парубий негизги максат украин күчтөрүн жана үй-бүлөлөрүн «эң жакын жана ыңгайлуу жолдор» аркылуу алып чыгып кетүү экенин баса белгиледи.

Бул болсо жарым арал менен Украинанын калган бөлүгү ортосундагы «бартер» негизиндеги орточо чечим белгилерин көрсөтүп турат! Украина чыгыш региондорго этибарын каратууда. Жарым арал Украинанын чыгыш региондоруна көңүл буруудан кийинки планга өтүп калды.

Бул белгилер 2014-жылы 21-март күнү Брюсселде болуп өткөн Евросаммиттеги иштер менен дагы да бекемделди. Европа Союзу жана Украинанын убактылуу премьер-министри Арсений Яценюк ассоциация келишимине кол койду. Ал Киевди Европа Союзуна мүчө болууга жакындаштыра труган келишим болчу. Украина менен Россиянын ортосундагы кризиске себеп болгон жана Украинанын мурунку президенти Януковичтин кол койбоо чечими себептүү украиндер тарабынан болгон күчтүү нааразылык демонстрацияларына алып келген да ушул келишим эле...

Булардын баары орточо чечим түрүн көрсөтүп турган белгилер... Ушуга карабастан, мурунку жоопторубузда айтып өткөнүбүздөй, Украина эл аралык жана регионалдык шарттар Россия же Батыштын пайдасына өзгөргөндө жарылууга даяр бир «бомба» болуп кала берет. Ошондо, ар бир тарап бүткүл

Украинага көз алайтып, ага толук ээ болуп алууга урунат. Бул ошол убактагы эл аралык шарттарга карап өзгөрөт... Украина – Россиянын бөлүгү, ошол эле учурда, Европа дарбазасы...

Ошондуктан, эл аралык жана регионалдык шарттар өзгөргөнгө чейин орточо чечим күчүндө кала берет жана кандайдыр бир деңгээлде «убактылуу тынчтыкка», туруктуулукка алып келиши мүмкүн... Бирок, туруктуулук – айрыкча, Крым Жарым аралында – ал он сегизинчи кылымдын аяктарында жана он тогузунчу кылымдын баштарында Россия аны басып алышынан мурунку абалына жана туруктуулугуна кайтса гана жүзөгө чыгат т.а. ал – инша Аллах – кирип келе жаткан Халифалык мамлекетинин дагы ажыралгыс бөлүгүнө кайтса гана туруктуулук болот.

**21-жумадул-аввал, 1435-х.**

**22-март, 2014-м.**

**берилген суроолорго жооптор Кыргызстан боюнча**

**Суроо:** *Кыргызстанда окуялардын агымы тездешип кетти: 2010-жылы 8-апрелде оппозиция Бакиевге каршы көтөрүлүп, ийгиликке жетип, бийликти ээлеп алды, Бакиев болсо, туулган шаарына качып кетти. Кийин өлкөдөн чыгып, Казакстанга чыгып кетти жана 2010-жылы 16-апрелде отставкага кол койду... Ошол эле учурда, ушул төңкөрүштү биринчилерден болуп Россия моюнга алды. Т.а. убактылуу өкмөт бийликке келген 2010-жылы 8-апрелде эле убактылуу өкмөттүн премьер-министри Роза Отунбаева менен Россия премьер-министри Владимир Путин ортосунда телефон аркылуу расмий сүйлөшүү болуп өттү. Бул болсо, ушул окуянын артында Россия турганын түшүндүрөт. Эгер, бул туура болсо, анда, кантип Россия Бакиевге каршы болуп калды, негизи, 2005-жылдагы Аскар Акаевге каршы уюштурулган төңкөрүштө Бакиевди бийликке алып келген да, 2009-жылы 23-июлдагы шайлоодо Бакиевди колдоп-кубаттаган да Россия эле го? О.э. Бакиевдин Америка Манас аскерий базасын жаап*

*койбогону Россиянын ачуусун келтирүүгө жана Бакиевди кулатып таштоого себеп болдубу?*

**Жооп:** Ооба, далилдердин баары Бакиевди кулатуунун артында Россия турганын көрсөтүүдө. Бирок, Бакиевдин кулатылышына анын Манас базасын жаппаганы, америкалыктар менен ижара мөөнөтүн узартканы себеп болгон жок. Себеби, Россия Бакиев бийликте турганда Манас базасын калышына ыраазы эле. 2009-жылы 15-июлда Манас базасынын ижара келишими кайра жаңылангандан кийин 2009-жылы 23-июлдагы президенттик шайлоодо да Россия Бакиевди колдоп-кубаттап турду. Чындыгында, Россиянын ошол шайлоодо Бакиевди колдоп-кубаттаганы даана көрүнүп турган. Мисалы, 2009-жылы 2-августта Россия президенти Медведев жеке өзү Кыргызстанга келип, Бакиевди президенттикке дайындоо ырасымында катышкан!

Ошондуктан, орустарды Манас базасынын ижара келишиминин жаңыланышы чочуткан жок. Тескерисинче, орустар да ага ыраазы эле. Ал тургай, орустар алып келген азыркы жаңы өкмөт да базанын калышына ыраазы. Бул жөнүндө төңкөрүш жетекчилери ачык айтышты. Себеби, Россия базадагы ижара келишиминин жаңыланышына Американы ыраазы кылуу жана анын ушул региондогу карасанатайлыгын басып туруу максатында ыраазы болду. Себеби, Манас базасы ар эки мамлекеттин тең душманы болгон Афганистанга транзиттик база вазыйпасын өтөйт жана бул базанын Россиянын таасири астындагы өлкөдө иш алып барышы Россияга эч кандай зыян келтирбейт. Бирок, орустарды чочуткан жана мурунку малайы болгон Бакиевди бийликтен кулатууга мажбур кылган нерсе бүтүндөй башка нерсе. Мына ушул нерсени текшерип чыгуу үчүн төмөнкү окуяларга этибар каратабыз:

1 – 2010-жылы 19-февралда Америка президентинин Афганистандагы өкүлү Ричард Холбрук Өзбекстан жана Кыргызстанга

сапар кылып, эки мамлекеттин президенттери менен жолугушту. 2010-жылы 19-февралда Россиянын «Сегодня» гезитинин «Российский интерфакс»тан алган кабарда көрсөтүшүнчө, Холбрук менен Курманбек Бакиев «эки тараптуу мамилелер жана Афганистандагы абал жөнүндө сүйлөшүп, эки тарап Афганистандагы абал туурасында коомчулукка көрүнбөстөн өз ара пикир алмашышты о.э. эки мамлекет үчүн пайдалуу болгон өз ара алакаларды өнүктүрүү туурасында сүйлөшүштү». Кыргызстан президентинин басма сөз бөлүмү Бакиевдин «Кыргызстан кыргыз-Америка мамилелерин өнүктүрүүнү жана ар тараптуу өз ара жардамдашууну өзүнүн биринчи орунда турган маанилүү маселеси деп билиши», жөнүндө билдирүү чыгарды. «Российский интерфакс» ушул кабардагы «коомчулукка көрүнбөстөн» деген сөздөргө орустардын көзүнөн жашыруун сырдуу таризде деп түшүндүрмө берип, орус малайы болгон Бакиев америкалыктар менен келишип алган нерсени орустарга билдирбегенин кабар кылды. Бул болсо, кыргыз президенти менен америкалыктар ортосунда кандайдыр бир нерсе болгондугуна Орустардын шилтемеси.

2 – 2010-жылы 17-мартта Россиянын «Сегодня» гезити «Жакында Кошмо Штаттар терроризмге каршы күрөшүү үчүн Баткен шаарында атайын аскерий бөлүктөрдү машыгуудан өткөрүүчү борбор куруу маселесинде Кыргызстанга 5,5 миллион доллар бөлгөндүгү» туурасында кабар кылды. Ушул гезит Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги (КМШ) институтунун Бишкектеги филиалынын жетекчиси Александр Князьевден ушул борбор жөнүндө сураганда, ал мындай деген: «Вашингтон бул борбордон Орто Азиядагы өз муктаждыктарын кандырууда пайдаланат. Терроризмге каршы күрөш урааны болсо, Американын – Ирак жана Афганистанда кылып жаткандай – өз максаттарын ишке ашырышы үчүн бир шылтоо гана». Ал дагы: «Вашингтон Орто Азиядагы мындай долбоорлордун

жардамында регионндогу Россия жана Кытай менен болгон атаандаштыкта үстөм келүүгө урунуп жатат», - деп кошумчалады.

3 – Чындыгында, орустар Холбруктун Кыргызстанга сапар кылып, президент Бакиев менен жолугушканынан, эки тарап ортосундагы коомчулукка көрүнбөстөн белгисиз келишимдерди түзгөнүнөн кабатырга түштү. Бул келишимдер Американын Кыргызстанда атайын күчтөрдү машыгуудан өткөрүү борборун ачышы жана ал жерде терроризмге каршы күрөш маскасы астында тыңчыларды тартуу менен соңуна чыкты. Америка муну менен оболу Кыргызстанда өз таасирин бекемдеп алып, кийин башка регионндорго өтүүнү пландаштырган эле.

4 – Американын атайын күчтөрдү машыгуудан өткөрүү борборун ачуу үчүн, башкача айтканда, Кыргызстанда өз малайларын даярдоо үчүн келишим түзүшү – Россия үчүн кооп-коркунуч тревогасы о.э. кызыл сызыкты басып өтүүгө урунуу эле. Мындан улам, Россия Бакиевдин Америка менен алакаларын уланта беришине чек коюу үчүн мамлекет төңкөрүшүн тездетип жиберди. Россия Бакиевге каршы козголоң уюштуруп, аны бийликтен кулатып таштоодо жеңишке жетишишине анык ишенген эле.

5 – Америкага келсек, ал сокку жеди. АКШнын мамлекеттик департаментинин басма сөз өкүлү Филип Кроули Америка Кыргызстанда болуп өткөн тартипсиздиктерден катуу тынчсызданууга түшкөнүн билдирип, мындай дейт: «Биз Бакиев өкмөтүн дагы эле бийликте деп билебиз. Кошмо Штаттарда оппозициянын бийликти ээлеп алганы жөнүндө маалыматтар жок». («Ахборул олам», 2010-жыл, 7-апрель). Бул болсо, Америка Кыргызстанда болуп жаткан окуялардан тынчсызданып жатканына жана оппозицияны колдоп-кубаттабаганына, тескерисинче, Бакиевдин тарабында турганына далалат кылат. Америка Манас базасын үч күнгө жаап койду, кийин Кыргызстандын убактылуу

өкмөтүнүн премьер-министри Роза Отунбаева Америка базасына тийбөө жана мурунку келишим күчүндө калышы жөнүндө билдирүү бергенден кийин, базаны кайра ачты.

Чындыгында, Кошмо Штаттар ушул болуп өткөн окуяларга баш ийип, жаңы өкмөттү тымызын моюнга алды. Себеби, Америка өзүнүн тышкы иштер министринин орун басары Роберт Блекти Кыргызстандагы убактылуу өкмөт менен сүйлөшүү алып баруу үчүн өкүл катары жөнөткөнү жаңы өкмөттү тан алганы болот. Ушул өкүл – жаңы өкмөттүн Америка базасын сактап калып, ага тийбөө кепилдигин бергенинен Кошмо Штаттар ыраазы экенин билдирди жана муну абдан жакшы жаңылык деп сыпаттады. Азыркы учурда, Америка Манас аба базасынын сакталып калышынын кепилдигин алгандан кийин, жаңы өкмөт менен тил табышууну каалап жатат. Бакиевдин Кыргызстандын түштүгүндөгү айылына качып калганы, кийин өлкөсүн таштап, Казакстанга чыгып кетип отставка бериши жагынан алганда, Американын жаңы өкмөткө каршы эч бир аракет кыла албашы ачык-айкын болуп калды.

Кыскасы, Америка жаңы жагдай менен – убактылуу болсо да – тил табышуудан башка чарасы калбады. Азыр Россия Кыргызстандагы бүгүнкү абалды көзөмөлдөп турат. 2010-жылы 13-апрелде Россиянын тышкы иштер министринин орунбасары Григорий Герасин Американын Москвадагы элчиси Жон Барлл менен жолугушту жана эки тарап тең Кыргызстандагы абал жөнүндө сүйлөшүп, келишип алышты... Т.а. алар «Кыргызстанды табигый турмушуна кайтарууга» чакырышкан имиш! Ушулардын бардыгына карабастан, Кыргызстанда Россия менен Америка күрөшү токтобойт жана бул күрөш келечекте түрдүү иштер менен, түрдүү көрүнүштө, саясий, экономикалык жана социалдык тартипсиздиктер катары көрүнүшү мүмкүн...

**2-жумадул-аввал, 1431-х. 16-апрель, 2010-м.**

## Кыргызстандагы төңкөрүш тууралуу

**Суроо:** *2010-жылы 27-июнда Кыргызстанда жаңы конституцияны кабыл алуу боюнча референдум өткөрүлдү. Бул референдум кырсыктуу окуяларда төгүлгөн кандар али курубай туруп өткөрүлдү! Убактылуу бийлик абал туруктaшып, табигий абалына кайтканына чейин жана өлкөсүнөн куугун кылынган качкындар ойрон кылынган турак-жайларына кайтышканына чейин референдумду кечиктирип туруу жөнүндөгү сунушту кабыл албады. Тескерисинче, бийлик мындай шарттарга карабастан, референдумду өткөрүү пикиринде катуу туруп алды!*

*Ко-ош, эмне үчүн бийлик ойрон кылынган жана өрттөлгөн нерселерди кайра калыбына келтирүүгө, түштүктөгү өзбектер менен кыргыздар ортосунда жүз берген этникалык кагылышууларда төгүлгөн кандардын акыбетиндеги ый-муң, ызааны чечүүгө жан үрөп умтулуунун ордуна референдум өткөрүүгө катуу туруп алды?*

**Жооп:** Кененирээк киришүүдөн мурун бир абалга этибарды каратмакчыбыз. Бул абал акыркы кездерде Орус федерациясынын аракетинде көзгө урунат. Орус федерациясы Советтер Союзу өзүнүн курамына кирген мамлекеттердеги оппозицияга каршы иштеткен «темир таяк» деген зомбулук ыкмасын дагы колдонууга өткөнү. Бул ыкма, жада калса, Советтер Союзу кулап, урагандан кийин да колдонулду! Бул нерсе Грузиянын түндүгү басып алынышынан тартып, Кыргызстандагы окуяларга чейинки бир канча окуяларда көрүнөт. Грузиядагы окуяларга келсек, анын түндүгү басып алынганы баарына маалым. Кыргызстан жөнүндө айтсак, акыркы окуялар жөнүндө сөз кылуудан мурун, бир аз артка, Бакиевди кулатуу окуяларына кайтышыбызга туура келет. Ошондо, жаркын элес пайда болот:

1 - Россия 2009-жылы 23-июлда Бакиевдин шайланышын колдоп-кубаттаган эле. Орустардын колдоп-кубатташы этибарды тарта турган даражада болду. Мисалы, орус президенти Медведевдин жеке өзү

Кыргызстанга келип, 2009-жылы 2-августта Бакиевдин шайланыш ырасымында катышты!

2 - Россия Бакиевдин Америкага жакындаша баштаганын сезди. Бул нерсе төмөндөгү эки таасирдүү окуяда көрүнөт:

**Биринчи:** Америка президентинин Афганистан боюнча өкүлү Ричард Холбрук 2010-жылы 19-февралда Кыргызстанга келди. Ал эки мамлекеттин президенттери менен жолугушту. «Россия бүгүн» сайты 2010-жылы 19-февралда «Интерфакс» маалымат агенттигинен алып жазышынча, Холбрук президент Курманбек Бакиев менен «эки тараптын ортосундагы мамилелердин келечегин жана Афганистандагы абалды талкуу кылган. Эки тарап жабык эшиктер артында Афганистандагы абал жөнүндө өз ара пикир алмашкан жана эки мамлекет ортосундагы өз ара пайдалуу кызматташтыкты өнүктүрүү жолдору жөнүндө маектешкен». Ушул сайттын жазышынча, кыргыз президентинин басма сөз кызматы Бакиевдин «Мамлекет кыргыз-америка мамилелерин өнүктүрүүгө жана өз ара кызматташтыкты дагы да жандантууга баштапкы маани берет» деген сөздөрүн келтирген. Орус маалымат агенттиги «Интерфакс» кабар таратып, «Эки тарап жабык эшиктер артында өз ара пикир алмашышты» деген сөздү кошуп өткөнүн көрөбүз. Т.а. эки тарап сыр тутуп, орустар бекинип, алыста пикир алмашышкан. Максат, орустарды өздөрүнүн малайы Бакиев америкалыктар менен эмнени келишип алганынан кабарсыз калтыруу болгон. «Интерфакстын» мына ушул сөздү кошуп өтүшү кыргыз президенти менен америкалыктар ортосунда кандайдыр бир нерсе жүз бергенине орустардын шилтемеси эле.

**Экинчи:** «Россия бүгүн» сайты 2010-жылы 17-мартта мындай деп жазат: «Кошмо Штаттар жакында Кыргызстанга Баткен шаарында терроризмге каршы күрөш боюнча атайын аскерий бөлүмдөрдү машыгуудан өткөрүү борборун куруудa жардам берүү үчүн 5,5 миллион доллар бөлгөнүн маалым кылды». Бул сайт Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин курамына кирген мамлекеттер институтунун Бишкек

бөлүмүнүн директору Александр Князевге мына ушул борбор жөнүндө суроо бергенде ал мындай деп жооп берген: «Вашингтон бул борбордон өзүнүн Орто Азиядагы кызыкчылыктарын камсыздоо үчүн пайдаланат. «Терроризмге каршы күрөш» урааны болсо, дал Ирак жана Афганистанда болгондой Американын максаттарын ишке ашыруу үчүн бир шылтоодон башка нерсе эмес». Ал кошумчалап мындай дейт: «Вашингтон бул долбоорлор аркылуу Орто Азияда Россия жана Кытай менен атаандашууга урунууда».

3 - Орустар Холбруктун Кыргызстанга келип, президент Бакиев менен жабык эшиктер артында жолугушкандан жана эки тарап ортосунда сыр тутулган келишимдер болгонунан кабатырга түшүп калышты. Бул келишимдер Кыргызстанда «Терроризмге каршы күрөш» деген шылтоо астында атайын күчтөрдү машыгуудан өткөрүү жана агенттерди жалдоо менен алектенүүчү америка борборуна негиз салуу менен аяктады. Мындан максат Америка Кыргызстанда өз таасирин күчөтүшү, кийин бул жерден туруп башка региондорго умтулуусун камсыздоо.

Атайын күчтөрдү машыгуудан өткөрүүчү, башкача айта турган болсок, Кыргызстанда Америка агенттерин өстүрүп чыгаруучу Америка борборун түзүү жөнүндөгү келишим Россия үчүн кудум «коркунуч сигналы» жана «кызыл сызыктарды» бузуп өтүү болду. Россия муну ушинтип баалады. Ошондуктан, Россия Бакиевдин Америка менен мамилесин дагы да кеңейтишине жол койбоо үчүн аны тезинен кулатып таштоону уюштурду. Россиянын 2010-жылы 8-апрелде Бакиевди кулатып таштоо «жеңишинен» кандай ыракат алганы ачык-айкын көрүнүп турду.

Ошентип, Россия өзүнүн мурунку малайы Бакиевдин өзүнөн алыстап жатканын сезгенден кийин анын «адебин» ушинтип берди!

4 - Эми, Россиянын алдында Өзбекстандагы Каримовдун Россия менен мамилелерин үзүп, Америкага ээрчий баштаган маселесин чечүү калды. Мындан мурун Каримов Россияны ээрчип жүргөн. Айрыкча, Россия

ага Андижан окуяларында аскерий жардам бергендиктен Россияга ээрчиген. Бирок, Американын Каримовду экономикалык жана коопсуздук жактан кызыктырып, азгырышы Америкага барган сайын көбүрөөк ыкташына жана Россиядан сезилерлик түрдө алысташына алып келди. Бул нерсе өткөн жылдын башынан тартып, т.а. Россия 2009-жылы 4-февралда Ыкчам Күчтөрдү, б.а. тез жайгашуучу күчтөрдү түзүүгө токтом кылганда көзгө урунду. Мына ушул келишимге Москвада 2009-жылы 14-июнда кол коюшту. Өзбекстан ага кол коюудан баш тартты. Өзбекстан 2009-жылы 26-августта Коллективдик Коопсуздук Уюмунун (ОДКБ) регионунда өткөрүлгөн аскерий манёврларда катышпады. Бул манёврлар 2009-жылы 15-октябрга чейин уланды. Өзбекстандын мындай кадамы өзүнүн ушул уюмга мүчөлүгүн дээрлик токтотуп коюу эсептелет эле. Бирок, Өзбекстан муну расмий түрдө жарыя кылбады. Муну менен эле чектелбестен, Өзбекстан Россиянын Кыргызстанда экинчи аскерий базаны курушуна да каршы чыкты. Себеби, бул база Фергана өрөөнүнүн регионундагы өзбек чегараларына жакын жайда курулгандыктан Өзбекстанга кооп-коркунуч туудурат эле. «Новости» маалымат агенттиги 2009-жылы 5 августта мындай кабар таратты: «Өзбекстан Кыргызстандын түштүгүндөгү Кантта курулган орус аскерий базасына кошумча дагы бир орус аскерий базасын жайгаштыруу жөнүндөгү атайын планды ишке ашырууга зарылдык жок же мунун пайдасы жок» деген пикирде экенин жарыя кылды. Бул 2009-жылы 3-августта Өзбекстан тышкы иштер министрлигине караштуу «Жахан» маалымат агенттиги тараткан билдирүүдө айтылды. Муну менен Өзбекстан жаңы базаны жайгаштыруу – региондогу туруктуулукка зыян жеткиришине алып келишинин мумкүндүгүнө шилтеме кылды».

2009-жылы 18-августта болсо, өзбек режиминин башчысы Каримов америка генералы Девид Петреус менен Ташкентте жолугушканда мындай деди: «Өзбекстан Кошмо Штаттар менен конструктивдүү кызматташтыкты

өз ара урмат жана тең шериктик принциптери негизинде кеңейтүүгө даяр». («Новости» агенттиги, 2009-жыл, 18-август).

Америка Өзбекстан менен Түндүк Атлантика Союзунун (НАТО) транзиттик жүктөрүн Өзбекстан аркылуу Афганистанга алып өтүү жөнүндөгү келишимге кол койду. (Алынган булак: Улуттук стратегиялык изилдөөлөр борбору, 2009-жыл, 4-апрель). Бирок, өзбек жана америка жетекчилиги ортосундагы мамилелер ушуларга эле чектелген жок. Тескерисинче, Америка жетекчилиги Өзбекстандын эгемендүүлүүгүнүн 18 жылдыгына байланыштуу куттуктоо катын да жолдоду. Ошондон кийин Каримов Американын Өзбекстандагы элчиси Ричард Норландды кабыл алды. Мындан мурун, 18-августта болсо, Каримов АКШнын борбордук күчтөр командачысы генерал Девид Петреусту кабыл алган жана эки мамлекет ортосундагы кызматташтыкка тиешелүү келишимге кол коюлган эле. Бул келишим аскерий жана машыгуу программаларын о.э. профессионалдуу таалимди камтыйт.

Ошентип, демек, Каримов Россиядан алысташа, Америкага болсо жакындаша баштады.

5 - Каримовдун Америкага жакындашышына чек коюу зарыл эле. Россиянын карманган жолу мына ушул. Ошондой да болду. Себеби, Россия Өзбекстанга бир проблема пайда кылмакчы болду. Ушул максатта азчылык өзбектерден турган чоң сандагы качкындарды Кыргызстандан Өзбекстанга көчүрө турган болду. Себеби, мындай жагдайда ушул проблеманы чечүү максатында Коллективдик Коопсуздук Уюму (ОДКБ) аркылуу аралашуу үчүн даяр актоочу шылтоо пайда болмок. Айтып өткөнүбүздөй, Өзбекстан бул уюмга мүчөлүгүн кыйладан бери токтотуп койгон. Бул проблема күчтүү болгондуктан Өзбекстан аны чечүү үчүн дагы Коллективдик Коопсуздук Уюмуна кайтууга мажбур болот эле. Табигий түрдө бул уюмга Россиянын башчы болушу дайын эле. Натыйжада, Өзбекстан дагы Россияга моюн сунуп, Америкадан болсо алысташмак.

6 - Ошондуктан, Россия Кыргызстандагы убактылуу бийликти жана өзүнүн ал жердеги жүгүртөктөрүн өзбектерге чабуул кылып, өрттөө, ойрон кылуу жана өлтүрүүгө үндөдү. Аларды өзбек чегараларына карай айдоо үчүн ушундай кылууга буюрду. Эгер, Американын Ташкенттеги элчиси Америка бийлигинин атынан аралашпаганда бул пландын ийгиликтүү ишке ашышына, натыйжада Өзбекстандын Коллективдик Коопсуздук Уюмуна катышып, бул проблеманы чечүү үчүн күчтөрдү Россия жетекчилигинде жиберүүгө макулдук беришине аз калды. Америка бийлиги өзбек бийлиги менен байланып, аны Коллективдик Коопсуздук Күчтөрү менен биргеликте аракет кылбоого көндүрдү. Өзбек бийлиги бул талапка көнүп, өзбек качкындарына чегараларды жаап койду. Негизи, башында чегараларды ачып койгон эле жана 100 миңге жакын качкын чегараларга келген. Алар, т.а. орустар жана Кыргызстандагы малай бийлик жүз миңдеген өзбектердин Өзбекстанга качып өтүшүн каалашканы көрүнүп турат. Максат эки мамлекет ортосунда проблема жаратуу болгон. Ошондон кийин Өзбекстан бул проблеманы чечүү үчүн Россия жетекчилигинде Коллективдик Коопсуздук Уюмуна дагы кайткандан кийин бул уюмдун аралашышы керек болчу. Андан кийин качкындарды өз үй-жайларына кайтаруу үчүн сүйлөшүүлөр алып баруу пландаштырылган. Муну менен болсо, Россия абалдан пайдаланып Өзбекстанды дагы өзүнө баш ийдирүү үчүн ага басым өткөрүп, качкындарды Кыргызстандагы өз турак-жайларына кайтаруунун акысына Өзбекстанга башка шарттарды да жүктөмөк. Бирок, Өзбекстан айтып өткөнүбүздөй Америка бийлигинин аралашуусу менен муну четке какты. Ошондуктан, Америка тышкы иштер министринин жардамчысы Роберт Блейк Өзбекстандын аракеттерин жана качкындарга чегараларды жаап койгонун мактап, алкыштады.

7 - Россия качкындардын Өзбекстанга качып өтүшүнөн Өзбекстанды дагы Коллективдик Коопсуздук Уюмуна кайтаруу үчүн пайдаланмакчы болгонун кыргыз убактылуу бийлигинин башчысы Роза Отунбаеванын орус

президенти Медведевден абалды тынчтандырууга жардам берүү үчүн күчтөрдү жиберүүнү сурагандыгы да тастыктап турат. Бул жөнүндө орус маалымат агенттиги «Новости» 2010-жылы 12-июнда кабар таратты. Бирок, Россия «Болуп жаткан күрөш ички иш жана шарттар орус күчтөрүнүн активдүү аралашуусун талап кылбайт», т.а. Россия бир өзү гана катышуусу талап кылынбайт деп бул талапты четке какты. Муну орус президентинин расмий өкүлү Наталья Тимакова айтты о.э. орустардын «Ведомости» гезити тараткан кабар да тастыктайт. Бул гезит орус коргонуу министрлигиндеги бир расмийдин ушул сөздөрүн келтирди: «Күчтөрдү Кыргызстанга жайгаштыруу жана аларды камсыздоо Өзбекстандын жардамысыз кыйын». Бул болсо, мына ушул окуялаларда Өзбекстан бутага алынганына далалат кылат. Өзбекстанды дагы Коллективдик Коопсуздук Уюмуна мүчө болуп, кайра аракет кылышына, арийне, Россия жетекчилигиндеги Ыкчам Күчтөрдүн курамына кирүүгө мажбурлоо үчүн бутага алынган. Бирок, Өзбекстан муну кабыл албагандан кийин Россия 2010-жылы 14-июнда Коллективдик Коопсуздук Уюмунун атынан Кыргызстанга аскерий каражаттарды жиберүүгө чечим кылды.

8 - Россиянын Өзбекстанды Коллективдик Коопсуздук Уюмуна жана Ыкчам Күчтөрдүн курамына тартууга болгон урунушу жокко чыккандан кийин Россия жүз берген окуядан аны этникалык жаңжалдай кылып көрсөтүү жана азчылык өзбектер жөнүндө кыргыздар сыяктуу «титулдуу улут» эмес деген элести берүү үчүн пайдаланмакчы болду… Ушул максатта Россия референдумду кечиктирбестен өз убагында өткөрүүнү катуу талап кылды. Максат, убактылуу бийлик кыргыздардын кызыкчылыгын көздөйт жана «титулдуу улут болбогон» өзбектерге каршы деген этибарда бул бийликти эл арасында абройлуу кылуу эле. Ошондуктан, убактылуу бийликтин башчысынын орунбасары Азимбек Бекназаров мындай деди: «Оштогу абал турукташа баштады. Биздин күчтөр жетиштүү. Референдумду өткөрүшүбүз керек. Өзүн кыргыз жараны деп эсептеген бардык кишилер бул

референдумда өз добушун бериши керек». (Ал-Жазира, 2010-жылы, 17-июнь). Муну менен болсо, Россия кыргыздардын убактылуу бийликтин айланасында этникалык биримдигин жаратты. Муну 2010-жыл 27-июнда болуп өткөн жаңы конституцияны кабыл алууга тиешелүү референдумдун натыйжаларында көрүүгө болот.

9 - Корутунду ушул, Кыргызстандагы окуялар Россия убактылуу бийлик менен тил бириктирип пландаштырган жана атайлап чыгарган окуялар. Бул план азчылык өзбектерди Өзбекстанга качып өтүүгө мажбурлоо үчүн чабуул кылуу менен ишке ашырылды. Максат болсо, айтып өткөнүбүзөй Өзбекстан үчүн проблема жаратып, аны ушул проблемага чек коюу үчүн дагы Коллективдик Коопсуздук Уюмуна кайтууга жана Ыкчам Күчтөрдүн курамына кирүүгө мажбурлоо эле. Бул окуялар этникалык жаңжал эмес. Себеби, жүз берген нерсе ушул, Россиянын жана убактылуу бийликтин кыргыздардан турган жүгүртөктөрү өзбектерге чабуул кылып, жырткыч, үрөй учурган иштерди ишке ашырышты. Демек, бул окуяларды эки тарап ортосундагы кагылышуу деп болбойт. Ошондуктан, аларды этникалык согуш деп атоого негиз жок.

Айрым маалымат агенттиктери өздөрү күбө болгон иштерге түшүндүрмө берип, бул иштер өз-өзүнөн болбогондугу, тескерисинче, алар жакшылап пландаштырылганы жөнүндө жазды. Мисалы, «Франс пресс» агенттиги 2010-жылы 17-июнда мындай деп жазды: «Кабарчыларыбыз берген күбөлүктөр жана алар акыркы күндөрдө Кыргызстандын түштүгүндө күбө болушкан урандылар өзбектердин пландаштырып, келишип алынган «тазалоо» операцияларынын курмандыгы болушканын көрсөтүп турат. Бул операциялардын акыбетинде жүздөгөн кишилер өлтүрүлдү». Агенттик кошумчалап мындай дейт: «Бир апта мурун ушул окуялар башталган Ошто, Жалал-Абадда жана Өзбекстандагы качкындар лагерлеринде берилген бир-бирине окшош күбөлүктөр ушуну көрсөтүп турат, бронетанктар куралдуу топторго жол ачып берген. Бул топтор өзбектердин жашаган жерлерине

чабуул кылып, келишип алынган план боюнча ойрон кылышкан. Ошол эле учурда, көпчүлүк этникалык кыргыздар жашаган турак-жайлардын дээрлик баары аман калган. Азчылык өзбектер жашаган жерлердеги турак-жайларды алдын ала талап-тоношуп, кийин бүтүндөй ойрон кылышкан. Булардын баары жакшылап уюштурулган операциялар чагында ишке ашырылган. Бронетанктар күйдүрүүчү снаряддарды аткан. Мунун акыбетинде үй-жайлар күйүп кеткен. Ошол эле учурда, Калашников автоматы менен куралданган адамдар өрттү өчүрүүгө урунган калкка карата ак атышкан».

Айрым жигиттерибиз өрттөп жиберүү жана ойрон кылууларга жол бербөө үчүн аралашууну сурап мамлекеттин мекемелерине барып кайрылышкан. Бирок, мына ушул мекемелер жигиттерибиздин талаптарын кабыл алышпаган, тескерисинче, алардын кээ бирин камап коюшкан!

«Нью-Йорк Таймс» 2010-жылы 16-июнда БУУнун адам укуктары боюнча жогорку комиссарынын расмий өкүлү Роберт Колвилдин ушул сөзүн келтирди: «Эң кеминде жүздөгөн кишилердин көз жумушуна жана жүз миңдеген же андан да көбүрөөк өзбектердин турак-жайларын таштап кетишине алып келген бул кол салуулар алдын ала келишип, жакшылап пландаштырылган, багытталып турган. Бул кол салуулар этникалык зомбулук катары капилеттен келип чыкпаган».

Россиянын Өзбекстанды өз колуна кайтарууга урунушу жокко чыккандан соң Россия бул окуялардан кыргыздардын айрымдарын конституцияны кабыл алуу боюнча өткөрүлгөн референдумда убактылуу бийликтин айланасында биригиши үчүн пайдаланып, жүз берген окуяны «титулдуу улут» болбогон азчылык өзбектер менен «титулдуу улут» болгон о.э. убактылуу бийлик кызыкчылыгы үчүн кайгырып жаткан кыргыздардын ортосундагы этникалык күрөштөй кылып көрсөтүүгө урунду.

10 - Бул маселеде кайгыга салган нерсе ушул, Орто Азиядагы Россия менен Америка ортосундагы бул таасир талашуу күрөшү жергиликтүү «куурчак» жүгүртөктөрдүн жардамында ишке ашырылууда жана күрөштүн

курмандыктары мусулмандар болууда мусулмандарды бириктире турган робита-байламта Ислам. Ошондуктан, колонизатор капырлар жана алардын малай жүгүртөктөрү бул робитаны жок кылып, анын ордуна улутчулдук робиталарын пайда кылууга урунушууда. Натыйжада, мусулмандардын каны мусулмандар колу менен агызылууда.

Биз бул жооптун соңунда Ислам көп кылымдардан бери бириктирип келген өзбек жана кыргыз боордошторубузду дүйнө жана Акырет азиздиги аларды бириктире турган Исламда экенин, Россия жана Америка о.э. бул экөөсүнүн малайлары кылып жаткан иштерден максат мусулмандардын арасына катуу душмандык, чыр-чатак уругун чачып, бир-биринин канын төгүшүнө жетишүү, аларды ушул жосунда капырлардын кызыкчылыктарына кызмат кылдыруу экенин түшүнүп жетүүгө чакырабыз.

Биз Алла Субханахудан нусрат-жардамын жана жарык күндөр келип Халифалык тикеленишин сурап калабыз. Халифалык мусулмандарды жакшылык үстүндө бириктирет, аларды бири-бирине дос боордошторго, адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы үммөткө айлантат.

- ***«Алла Өз ишинде үстөмдүк кылуучу, бирок адамдардын көпчүлүгү** (муну) **билишпейт»***. [12:21]

**15-ражаб, 1431-х.**

**28-июнь, 2010-м.**

## Кыргызстандагы окуялар

**Суроо:**

*«... Жума күнү эрте менен Жогорку Кеңеш президент Сооронбай Жээнбековдун отставкасын жактырды жана бир апта мурун баш калаа Бишкекте жарыяланган өзгөчө кырдаалды жокко чыгарды ...». (Yeni Shafak Arabi, 16.10.20). Кыргызстандын баш калаасында катуу наразычылык акциялары болуп, наразычылык акциясына чыккандар өкмөт үйүн көзөмөлгө алышып, орусиячыл президент Сооронбай Жээнбековдун кызматтан кетүүсүн талап кылышты. Алардын бул талабы ишке ашты.*

*Кыргызстанда болуп жаткан окуялардын чындыгы кандай? Бул мусулман өлкөсүндө Орусиянын таасири алсырап жатабы? Бул күрөштө Американын ролу барбы? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.*

**Жооп:** Кыргызстанда болуп жаткан окуялардын чындыгын ачып берүү үчүн төмөнкүлөрдү тактоо керек:

Биринчиси: Кыргызстандагы жалпы кырдаал:

1 – Кыргызстан Борбордук Азиядагы мусулман өлкөлөрүнүн бири жана анын чек аралары бүгүнкү күндө Борбордук Азиядагы башка мусулман өлкөлөрү: Казакстан, Өзбекстан жана Тажикстан менен кошо Кытайдагы Чыгыш Түркстан менен чектешкен... Кыргызстан 1876-жылдан бери Орусиянын падышалык баскынчылыгына баш ийген. Орусиянын оккупациясына каршы бир нече ыңкылаптар болгон, бирок Орусия аны жокко чыгара алган. Андан кийин ал Советтер Союзунун курамындагы республика болуп калды. Башкача айтканда, ал 1876-жылдан 1991-жылга чейин, түздөн-түз Москванын башкаруусу алдында болду. Советтер Союзу ыдыраганда Кыргызстан эгемендүүлүгүн жарыялады. Бирок андагы саясий чөйрө Орусияга берилгендикти сүт менен сиңирип алган. Кыргызстанда Орусиянын таасири эгемендик алгандан кийин да чоң таасирге ээ бойдон кала берди.

2 – Кыргызстан эгемендик алгандан бери Коммунисттик партиянын лидерлери маскаларын алмаштырып, бир нече аталыштагы партияларды түзүү аркылуу өлкөнү башкарышты. Алар Москвадан келген түздөн-түз буйруктар аркылуу башкарышты. Бирок, токсонунчу жылдардагы Орусиянын алсыздыгы жана өзү менен өзү алек болуу мезгили Американы бул саясатчыларга кандайдыр бир деңгээлде таасир кылууга мүмкүндүк жаратты. Кичүү Буштун доорундагы неоконсервативдик кызуу мезгилде жана Америка Исламга каршы согуш жарыялап, Афганистан менен Иракка каршы согуш баштоосунда, Америка Борбор Азияга өтүп, анын акимдери жана саясий күчтөрү менен мамиле түзө баштады. Ушул алкакта АКШнын

аскер күчтөрүнө Афганистанга каршы согушта жардам берүү үчүн борбор шаар Бишкектин жанында «Манас» аскер базасын түздү.

3 – 2003-2009-жылдары Америка Ирак сазына баткан учурда Владимир Путин Москвадагы бийлик тизгинин колго алгандан кийин Орусиядагы өкмөткө кандайдыр бир күч-кубат кайтып келди. 2014-жылы Америка Бишкекке жакын жайгашкан «Манас» аскер базасын жоюуга аргасыз болду. Мунун ордуна Орусия 2003-жылы негиздеген Кыргызстандагы аскердик базасын чыңдады. 2015-жылы Кыргызстан Америка менен келишимин жокко чыгарды. «Кыргызстандын премьер-министри Темир Сариев Америка Кошмо Штаттары менен 1993-жылы түзүлгөн эки тараптуу келишимди жокко чыгарууга буйрук берди. Өкмөттүн билдирүүсүнө ылайык, келишим 20-августтан баштап күчүн жоготот». (Al-Jazeera Net, 22.07.15). Ошентип, Орусия Американын таасирин Кыргызстандан толугу менен чыгарууга жетишти. Орусия Кыргызстанды 1992-жылы Советтер Союзунун урандыларында түзүлгөн Жамааттык Коопсуздук Келишимине Уюмун кошту. Американын таасири Бишкекти аралап турганда да Кыргызстан бул уюмга мүчө болуп келди. Ошондой эле, Орусия Кыргызстанды 2014-жылы түзүлгөн Евразия экономикалык биримдигине да кошту.

4 – Жергиликтүү жактан алганда, Советтер Союзу тарашынын натыйжасында эгемендүүлүккө ээ болгон көпчүлүк өлкөлөрдөгүдөй эле, Кыргызстандагы саясий тайпа да катуу коррупция менен мүнөздөлөт. Андагы бийлик үчүн атаандаштык тез арада үммөт байлыгын көзөмөлгө алуу үчүн атаандаштар ортосунда катуу күрөшкө айланат. Бирок, ошол эле маалда камкордук кылуу түшүнүктөрү жок. Камкор башчысы жок эл чачыранды калган. Коррупциянын тереңдиги чоң болгондуктан, Кыргызстан эли 2005-жылы эгемендүүлүк алгандан бери өлкөнү башкарып келген президент Акаевге каршы көтөрүлүп, ал Орусияга качып кетти. 2010-жылы зордук-зомбулук аракеттери менен коштолгон, адамдардын набыт болуусуна келген козголоң президент Бакиевге каршы көтөрүлүшкө чыккан. Бакиев өлкөнүн

түштүгүнө качып барган, ал жерден Казакстанга кетип, Отунбаева өлкөнүн убактылуу президенти болуп дайындалган.

5 – Орусия советтик доордо тарбияланган акимдерден курал катары пайдаланып, Борбор Азияда Исламга жана мусулмандарга каршы кырдаалды тукуруп жатканына карабастан, бирок исламий пикирлер Кыргызстанда эгемендик алганга чейин жана андан кийин кайрадан жайылды. Хизб-ут-Тахрир Исламды башкарууга алып келүүгө жана Исламий Халифалыкты куруусга активдүү чакырып жатат. Анын ишмердүүлүгү географиялык жактан Фергана өрөөнүнүн курамына кирген түштүк региондордо өзгөчө болду. Кыргызстандагы улам алмашып жаткан режимдер Ислам душманы Орусиянын жетекчилиги астында – Өзбекстандагы жана Борбор Азиядагы башка залим акимдер сыяктуу – Хизбдин ишмердүүлүгүнө каршы катуу күрөшүп, репрессия кылып жатканына карабастан, Кыргызстандагы Ислам – Орусиянын жана анын жолдоочуларынын катуу чабуулуна карабастан – көптөгөн аймактарда укмуштуудай таасирге ээ.

Экинчиси: баш калаа Бишкекте болуп өткөн акыркы башаламандык:

1 – 2017-жылдан бери өлкөнү башкарып келе жаткан Сооронбай Жээнбеков акыркы парламенттик шайлоолордо конституциялык мөөнөтү аяктагандан кийин кайрадан шайлоого катыша тургандай кылып конституцияга өзгөртүү киргизүүгө мүмкүнчүлүк берген көпчүлүк добушту алууну пландаган. Конституцияда алты гана жылдык президенттик мөөнөт белгиленген. Ошондуктан, президентке ишенимдүү жана ага жакын партиялар 2020-жылы 4-окутябрда парламенттик шайлоолордо жеңишке жетишти деп жарыяланды, 16 партиянын төртөөсү гана парламенттик 7% босогону аттай алышкан. Башкача айтканда, Жээнбековдун планы боюнча, жаңы парламент (120 депутат) Жээнбековго берилген жана ага жакын партиялардан түзүлүшү керек болчу. «Кыргызстандын Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоого катышкан 16 саясий партиянын төртөөсү 120 орундуу жаңы парламентке кирүүгө жетишти деп жарыялады. Бул нерсе

парламенттин курамына кирбеген 12 партиянын колдоочулары шайлоонун жыйынтыгына наараазы болуп митингге чыгышына шарт жаратты». (Daily Sabah, 06.10.20). Башка партиялардын саясий укуктарын басмырлаган бул план ишке ашкан жок. «Жеңилген 12 партия шайлоонун жыйынтыгын таанибайбыз деп, биргелешкен декларация жарыялады...». (TRT Arabic, 06.10.20).

2 – Ошентип, шайлоонун жыйынтыгын четке каккан саясий партиялардын тарапкерлери Ала-Тоо аянтына жана премьер-министрдин кеңсесинин жанына эртең менен баштап агылып келе баштады. Андан кийин бул жаалданган эл өкмөт үйүнө кол салып, басып алышты. Чындыгында эле, калк парламент имаратын жана президенттик аппаратты басып алды. Айрым адамдар түрмөлөргө кол салып, камакка алынган белгилүү бир адамдарды бошотушту. Ошентип, баш калаа Бишкекте жайгашкан Улуттук Коопсуздук Мамлекеттик Комитетинин имаратына кол салуу болуп, ал жакта коррупция боюнча айыпталып, 11 жылга эркинен ажыратылып камерада отурган экс-президент Атамбаевди бошотулду. Садыр Жапаров бошотулуп, сот аны тез арада 2013-жылы барымтага алуу негизиндеги соттуулугунан актоого шашты. Ал ушул айыптоо менен түрмөгө отурган. Борбор шаар менен катарлаш, аймактардын борборлорунда массалык элдик митингдер болуп, өкмөттү айыптап, президентти кызматтан кетүүгө чакырышты. Президенттин кичи мекени түштүк аймактарда аны колдогон айрым митингдер башталган, бирок ал аны кызматтан кетирүүнү талап кылгандардын деңгээлинде болгон жок.

3 – Наараазычылык толкуну абдан жайылып, мамлекет чочулады. Иш жүзүндө премьер-министр, парламент төрагасы жана айрым региондордун башчылары кызматтан кетүү жөнүндө арыз жазышты. Президент Жээнбеков аны менен кошо коопсуздук кызматы жоголуп кетти, президент өзүнүн билдирүүлөрүн интернет аркылуу жашыруун жерден жарыялай баштады. Ал коопсуздук кызматынан митингчилерге карата күч колдонбоону талап

кылгандыгын билдирди. Ал оппозицияны төңкөрүш уюштурууда жана бийликти басып алууда айыптады. Ал мунасага баруугa даяр экендигин билдирди. Борбордук шайлоо комиссиясынан мыйзам бузууларды териштирип, керек болсо жыйынтыктарын жокко чыгарууну талап кылды. Жээнбеков саясий партияларды сабырдуулукка чакырып, жаштарга кайрылды: «Силер Кыргызстандын баалуулугу бийлик үчүн күрөштөн артык экендигин көрсөттүңөр. Бул сөз менен эмес, иш-аракет менен болот. Биздин максатыбыз – өлкөбүздө тынчтыкты жана тартипти камсыздоо. Биргелешкен аракеттер менен бул кризистен чыгабыз деп ишенемин». Ал кошумчалап: «Өлкөдөгү милдеттерин аткарууну токтотпогон жаштарга ыраазычылык билдиремин», - деди. (AR Haberler.com, 07.10.20).

4 – Андан кийин Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгаргандыгын жарыялады. Оппозициялык партиялар Оппозициялык күчтөрдүн координациялык кеңешин түзүштү, алар Бишкектеги мейманканада өткөн парламенттин чукул жыйынында Садыр Жапаровду жаңы премьер-министр кылып дайындашты. Ал оппозиция тарабынан түрмөдөн бошотулган эле. «Садыр Жапаров чукул сессия учурунда добуш берүүдөн кийин кызматтан кетүү жөнүндө арыз берген мурунку премьер-министр Кубатбек Бороновдун ордуна жаңы премьер-министр болуп дайындалды. Ал азыркы парламент жаңы парламент шайланганга чейин иштей берерин кошумчалады». (RT, 07.10.20)... «Бүгүн, шаршемби күнү 120 депутаттын 80ден ашууну парламенттин кезексиз сессиясына катышып, Жапаровду ал сунуштаган өкмөт курамы менен кызматка дайындоого макулдук берүү үчүн добуш беришти. Андан кийин Жээнбеков Жапаровду өкмөт курамы менен кошо премьер-министр болуп дайындалгандыгын тастыктаган жарлыкка кол койду...». (Аль-Маядин, 14.10.20).

5 – «... жума күнү эрте менен Жогорку Кеңеш президент Сооронбай Жээнбековдун отставкасын жактырды жана бир апта мурун баш калаа

Бишкекте жарыяланган өзгөчө кырдаалды жокко чыгарды. Сессияга Жээнбеков да, премьер-министр Садыр Жапаров да, парламент төрагасы Канат Исаев да катышты. Жыйындын жүрүшүндө президенттин отставкасы бир добуштан жактырылды жана өзгөчө кырдаал жоюлду. Добуш берүү алдында Жээнбеков парламент депутаттарына акыркы сөзүн сүйлөдү. Ал кызматтан кетүүсү өлкөдөгү тынчтыкты камсыздоо жана коомдун бөлүнүп-жарылышына жол бербөө максатында болгонун билдирди ...». (Yeni Shafak Arabi, 16.10.20). Ошентип «Кыргызстандын премьер-министри Садыр Жапаров – президент Соронбай Жээнбеков кызматтан кетип, Жапаровго өлкө президентинин ыйгарым укуктары берилгенден кийин – өзүнүн бийлигин бекемдеп алды. Ал өлкөнүн тышкы саясатын сактап калууга убада берип: «Кудайга ыраазымын, бийлик алмашуу тынч өттү... Тышкы саясатты жана башка маанилүү тенденцияларды сактап калуу үчүн колдон келгендин бардыгын жасаймын», - деди». (Sputnik, 16.10.20).

Үчүнчүсү: Орусиянын Кыргызстандагы таасири:

1 – Орусиянын Кыргызстандагы таасири күчтүү жана ар тараптуу деп эсептелет. Америка өзүнүн аскер базасын куруп жаткан мезгилде Орусия Кыргызстанда аскер базасын курган. Демек, Америка өзүнүн таасиринин бир бөлүгүн өлкөгө киргизе алган мезгилде дагы Кыргызстанда Орусиянын таасири жоголгон жок. Орусия 2003-жылы аскер базасын курган. «Орусиянын Кант авиабазасы Кыргызстанда 2003-жылдын октябрь айында Жамааттык Коопсуздук Келишим Уюмунун жамааттык ыкчам жайылтуу күчтөрүнүн авиациялык компоненти катары ачылган. Анын негизги милдеттери – ЖККУнун кургактагы операциялары үчүн аба мейкиндигин коргоо. База Су-25SM учактары жана Ми-8МТВ тик учактары менен жабдылган». (RT, 28.03.19). Ошол бейшемби күнү Орусиянын Президенти Владимир Путиндин Кыргызстандын борборуна болгон иш сапарында Москва менен Бишкек протоколго кол коюшту. Протоколдо Орусиянын Кыргызстандагы аскер базасына байланыштуу эки мамлекеттин ортосундагы

келишимге өзгөртүүлөр киргизилди. Орусия президентинин жардамчысы Юрий Ушаков: «Бир катар келишимдерге кол коюлду, алардын катарында Кыргызстандагы Орусиянын аскер базасынын статусуна жана шарттарына байланыштуу 2012-жылдагы келишимге өзгөртүү киргизүү боюнча документке кол коюлду»... Өз кезегинде Орусия президенти Владимир Путин билдирүү берди: «Орусиянын Кыргызстандагы аскер базасы Борбор Азиядагы коопсуздук жана туруктуулук үчүн маанилүү фактор болуп саналат жана Кыргызстандын коргонуу жөндөмдүүлүгүнө көмөктөшөт». Бул базада «Сухой-25» чабуулчу учактар жана «Ми-8» тик учактары жайгашкан... (Аль-Дустур, 28.03.19). Ошентип, Кыргызстандын президенти Жээнбеков Орусияга толугу менен берилгендик менен мамиле жасап, аны менен Жамааттык Коопсуздук Келишими Уюмунда макулдашып, аскердик базаны өнүктүрүү сыяктуу каалаган нерселерин аткарууга баш ийген.

2 – Бирок, Орусия Америка менен байланышта болгон айрым оппозициялык партиялар Бишкектеги бийликти басып алып, Орусиянын бир тараптуу таасирин талкалап салышынан коркот. Орусия Орусияга душмандык кылбашы үчүн Кыргызстандагы оппозициячыл партиялардын көпчүлүгү менен алака кылып турат. Орусия бул партиялардын Орусияга берилгендигин сактап, аларды өзүнүн таасир чөйрөсүнөн чыгарбоо жана тышкы күчтөрдүн кийлигишүүсүнө жол бербөө максатында оор учурларда кийлигишүү үчүн коопсуздук кызматынын тизгинин кармап, бийлик үчүн болгон күрөштү көзөмөлдөп турат. «Орусия президенти Владимир Путин бүгүн, шаршемби күнү Москва чыр-чатактын бардык тараптары менен байланышып турганын жана жакында демократиялык жараян кайтып келерине ишенерин билдирди. (Al-Jazeera Net, 07.10.20). Орусиянын коркуу сезимин күчөткөн дагы бир нерсе – кээде ага баш ийген күчтөрдүн арасында бийлик талашуу күрөшүнүн жаралышы. Ал маал-маалы менен байкалып турат. Айрыкча, акыркы учурда өлкөнү 2017-жылдан бери башкарып келе жаткан президент Сооронбай Жээнбеков конституциялык мөөнөтү

аяктагандан кийин кайрадан шайлоого катышуу үчүн парламентик шайлоолордун жыйынтыгын манипуляциялады. Андан кийин баш аламандык чыкты, айрыкча шайлоолордогу бурмалоолор ачыккан соң, бул Американы ээрчиген күчтөр – алар салыштырмалуу аз болсо да – жүзөгө келген бул баш аламандыктан пайдаланып, Орусияны кыйын абалга салышы мүмкүн эле.

3 – Орусия ага берилген президенттерге каршы нааразычылыктарга каршы позицияны карманат. Бул Орусиянын түпкү позициясы болуп, мажбур болгон учурда гана өз кызыкчылыгын сактап калуу үчүн бул позициясынан чегиниши мүмкүн. Ал кырдаал анын көзөмөлүнөн чыгышына жол бербейт. «Бүгүн Кремль бул өлкө анархия абалында деди. Орусия президентинин маалымат катчысы Дмитрий Песков Орусиянын Кыргызстандагы кырдаал толугу менен көзөмөлдөн чыгышына жол бербөө боюнча милдеттенмелери бар экендигин айтты». (Al-Jazeera Net, 08.10.20). Ал эми, Кыргызстандагы коопсуздук кызматын көзөмөлдөгөн Орусия Америка менен байланышта болгон партиялар жана алардын тарапкерлери Бишкектеги окуяны жетектеп кетүүсүнө жол бербейт. Ошондой эле, Орусия – өз кызыкчылыгына жараша бирер чечимге келгенге чейин – кызматтан кетүүгө ишара кылган Жээнбековду кызматтан кетирбей кармап турду. Ошондуктан, Орусия ушул аптада Жээнбеков жана Жапаров менен сүйлөшүү үчүн Кремлдеги президенттик администрациянын башчысынын орун басары Дмитрий Козакты Бишкекке жиберди. «Орусия элчилиги кечээ, шейшемби күнү мындай билдирүү жарыялады: «Козактын иш сапары учурунда Кыргызстандын келечектеги өнүгүүсүн камсыздоодо негизги роль мамлекет башчысында экени баса белгиленди». (Аль-Маядин, 14.10.20). Мунун бардыгы зарыл чараларды көрүү үчүн болду. Ошого карабастан, Орусиянын түздөн-түз аскерий кийлигишүүсү күмөндүү, анткени, Орусия аны ээрчигендер Кыргызстандагы маселелерди көзөмөлгө алат деп эсептейт. Коопсуздук күчтөрү Орусиянын колунда, эгер орусиячыл президентти

башкасына алмаштыргысы келсе, каалагандай алмаштыра берет. Айрыкча көптөгөн саясий күчтөр Орусияны ээрчийт.

4 – Нааразычылыктар күчөгөндө Орусия «кырдаалды тынчтандырууга» шашты. Парламент 2020-жылы 14-октябрда Садыр Жапаровдун бийликке кайтып келишин колдоп бергенден кийин Орусия Жапаровдун премьер-министр болуп дайындалышына макулдук берди. Жапаров жакында тарапкерлеринин колдоосу менен түрмөдөн чыккан. Ал 11 жылдан ашык жаза мөөнөтүнө кесилген эле. «Бүгүн, шаршемби күнү 120 депутаттын 80ден ашууну парламенттин кезексиз сессиясына катышып, Жапаровду ал сунуштаган өкмөт курамы менен кызматка дайындоого макулдук берүү үчүн добуш беришти. Андан кийин Жээнбеков Жапаровду өкмөт курамы менен кошо премьер-министр болуп дайындалгандыгын тастыктаган жарлыкка кол койду». (Аль-Маядин, 14.10.20).

5 – «... жума күнү эрте менен Жогорку Кеңеш президент Сооронбай Жээнбековдун отставкасын жактырды жана бир апта мурун баш калаа Бишкекте жарыяланган өзгөчө кырдаалды жокко чыгарды. Сессияга Жээнбеков да, премьер-министр Садыр Жапаров да, парламент төрагасы Канат Исаев да катышты. Жыйындын жүрүшүндө президенттин отставкасы бир добуштан жактырылды жана өзгөчө кырдаал жоюлду. Добуш берүү алдында Жээнбеков парламент депутаттарына акыркы сөзүн сүйлөдү. Ал кызматтан кетүүсү өлкөдөгү тынчтыкты камсыздоо жана коомдун бөлүнүп-жарылышына жол бербөө максатында болгонун билдирди ...». (Yeni Shafak Arabi, 16.10.20). Ошентип «Кыргызстандын премьер-министри Садыр Жапаров – президент Соронбай Жээнбеков кызматтан кетип, Жапаровго өлкө президентинин ыйгарым укуктары берилгенден кийин – өзүнүн бийлигин бекемдеп алды. Ал өлкөнүн тышкы саясатын сактап калууга убада берип: «Кудайга ыраазымын, бийлик алмашуу тынч өттү... Тышкы саясатты жана башка маанилүү тенденцияларды сактап калуу үчүн колдон келгендин бардыгын жасаймын», - деди». (Sputnik, 16.10.20).

Төртүнчү: Американын ролу:

1 – Америкага келсек, анын позициясы ачык-айкын, ал шайлоолордо болгон окуядан пайдаланып, Орусияны жана Кыргыз бийлигин жарга такоого аракет кылды. «АКШ Кыргызстандагы бардык тараптарды сабырдуулукка жана тынчтык жолу менен чечүүгө чакырды. Шайлоону бузуп, ири нааразычылыктарга алып келген нерселерге тынчсыздануусун билдирди. Бул тууралуу АКШнын Мамлекеттик департаментинин өкүлү француз басылмаларына билдирди: «Биз бардык тараптарды зомбулукту четке кагууга жана шайлоодогу жаңжалды тынчтык жолу менен чечүүгө чакырабыз». АКШнын Мамлекеттик департаменти Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюму колдогон байкоочулар миссиясы «шайлоону бузган добуштарды сатып алуу иштери жөнүндө ишенимдүү маалыматтарды маалымдады» деп көрсөттү». (Al Jazeera Net, 07.10.20). Демек, саясий жактан түшүнүксүздүгү менен мүнөздөлгөн Кыргызстандагы жаңы кырдаал Америкага бул өлкөгө кирүүгө ылайыктуу шарттарды жаратат. Албетте, анын айрым оппозициялык партиялар менен байланышы бар. Ушул жылдын башында Жорж Сорос фонду Орусиянын таасири үстөмдүк кылган бул өлкөдө баш аламандык чыгаруу максатында короткон акчалардан тышкары, Американы ээрчигендер кандайдыр бир таасирге ээ болушу үчүн депутаттыкка талапкерлигин койгондорду жана уюмдарды колдоо үчүн 60 миллион доллар «накталай акча» сарптады деп айыпталган. Бул акчанын бардыгы Жээнбеков өкмөтүнүн көз жаздымында сарпталгандыгын 2020-жылы 1-октябрда Time Company сайты билдирди.

2 – Кыргыз оппозициясы арасында Американы ээрчигендер бар, алар бүгүнкү күндө Кыргызстандагы Орусиянын таасирин жоё турган таасирдүү эмес. Бирок, алар бийлик үчүн атаандашкан орусиячылдар ортосундагы келишпестиктен жигердүү пайдаланып жатышат. Эгерде, Орусия Жээнбековду кырдаалды тынчтандыруу үчүн кызматтан кетүүгө буйрук бербегенде, алар ийгиликке жетишине аз калган. Азыр болсо Орусия

шайлоону колго алып, Жээнбековдун ордуна башка адамдарын дайындоонун үстүндө иштеп жатат.

Бешинчиси: Жыйынтык:

1 – Кыргызстандагы бийлик үчүн күрөш биринчи кезекте жергиликтүү күрөш болуп саналат, себеби бул мусулман өлкөсүндөгү саясий сахнанын лидерлери арасында башкаруу түшүнүгү жетиле элек. Ушундан улам, жаңжалдар башталат, анын маңызы текчилдик, регионализм же уруучулук мүнөзгө ээ. Бул бийлик менен оппозиция ортосундагы күрөштөй болуп көрүнсө да, эксперттер алар текчилдик, регионализм же уруучулук негизиндеги күрөштөр экенин айтып келишет. Учурдагы бул чыр-чатак Орусиянын чоң таасирин ушул чакан республикадан чыгарууга багытталган эмес. Орусия парламенттик шайлоолордун жыйынтыгы чыккандан кийин пайда болгон башаламандык себебдүү Америка айрым оппозициялык партиялар менен байланыш орнотуусунан кооптонот. Орусия Американы Кыргызстандан чыгаруу үчүн эбегейсиз аракет жумшаган кийин Америка кайрадан бул өлкөгө кадам коюп, Кыргызстанда жана анын айланасында Орусияга каршы иш алып бара турган даражада таасирге ээ болушунан коркот.

2 – Кыргызстандагы жана башка жерлердеги мусулмандар үчүн абал ушундай кала берет. Анткени, аларды жаман башкаруучулар башкарып, үммөттү бир төмөндүктөн экинчи төмөндүкө карай жетелешет, алар жалаң гана жеке кызыкчылыктарын ойлошот. Алар бийликти байлык алып келүүчү кызмат катары карашат. Аларда аларды аким кылып шайлаган үммөттү камкордук менен башкаруу түшүнүгү жок же баскынчылык кылып жаткан колонизатор кафирлердин оозун жаптыра турган көз караштары жок. Үммөттү улуулукка жетектей турган жана саткын акимдерди кууп колонизаторлуктун тамырын мусулман өкөлөрүнөн жулуп сала турган күчтүү топ чыгып – Аллахтын жардамы менен – Ал түшүргөн шарият менен

башкара турган Халифалыкты тикелеп, Аллахтын шарияты менен өкүм жүргүзө турган Халифаны шайламайынча, абал ушундай бойдон калат.

Аллах айттат:

«Аллах силердин күнөөңөрдү кечирет, астыңардан дарыялар агып турган бейишке киргизет. Адн бейишиндеги эң сонун жайларга киргизет бул улуу жеңиш. Силер жакшы көргөн Аллахтын (дагы бир ниматы) – Аллахтын нусраты жана жакында боло турган фатх. Момундарга куш кабар кыл» [61:12-13]

**1-робиул-аввал, 1442-х.**

**18-октябрь, 2020-м.**

## Кытай боюнча берилген суроолорго жооптор

## Үчтүк союз тууралуу

**Суроо:** *2010-жылы 16-декабрда бардык маалымат каражаттары этибарды тарткан эки кабар таратты. Биринчи кабар: Кытай премьер-министринин көп адамдан турган (300 чакты бизнесмендер) делегациясы менен Индияга келиши. Бул визит да, күтүп алынышы да күтүлгөндөн башкача таризде жылуу маанайда өттү. Экинчи кабар болсо: Түштүк Корея, Кытай жана Япония ортосунда – үч мамлекеттин башкы катчылыгынын түзүү үчүн – үчтүк союзунун түзүлүшү. Булардын баарын эки Корея арасындагы карама-каршылык кескиндиги эми гана солгундаганда болуп өттү. Бул келишпестик болсо, бир тараптан Америка жана Түштүк Кореянын, экинчи тараптан, Кытайдын кыйыр колдоосу астындагы Түндүк Кореянын бири-бирин коркутуулары себептүү келип чыккан эле. Ошондой болгон соң, бул болуп жаткан иштер эмнени түшүндүрөт?*

**Жооп:** Суроого жооп берүүдөн мурун төмөнкөлөрдү баяндайбыз:

1 – Америка өткөн кылымдын алтымышынчы жылдарынан бери Кытайдын эл аралык майданда кубаттуу мамлекет катары пайда болушунан кооптонуп келет. Ал айрым учурда Кытайдын регионалдык

маселелердеги нафсин тыйып коюуга урунган болсо, айрым учурда анын бул маселелердеги таасирин чектеп коюу жана кичине чөйрөдөгү ички проблемалар менен алек кылып коюу максатында түрдүү топторду ишке салды. Кээде Америка Тайвань жана Түндүк Корея маселесинен, Кытайдын азчылык улуттарга жаман мамиледе болушунан, өзгөчө, Тибеттин эгемендүүлүктү талап кылышынан пайдаланды о.э. Кытай жана Япония ортосундагы өз ара талашып жаткан аралга байланыштуу чыр-чатакка аралашты жана бул аралашуудан Кытай деңизинде согушту тутандырууга бир шылтоо катары пайдаланды. Булардан тышкары, Америка Афганистан, Орто Азия, Пакистандан тартып, Тынч океаны о.э. Япония жана Корея жарым аралдарына чейин созулган бир катар аскерий базалар менен Кытайды курчап алды. Ушул аскерий базалардан максат, Кытайды курчоого алып, майданда аскерий кубат катары пайда болушунун алдын алуу.

2 – Америка Кытайдын аскерий жактан өнүгүшүнө чек коюудагы аракеттерине кошумча, ага каршы туруу үчүн Индиянын жарандык жана аскерий потенциалын тургузууга катуу урунду. Америка бул саясатын Индиянын «Улуттук Конгресс» партиясына эле эмес, анын бардык бийлик бутактарына, жада калса, англияпараст бийлигине да колдонду. Обама индус парламентинин эки тараптуу сессиясында сөзгө чыгып, мындай деди: «Бүгүн силердин алдыңарда сүйлөп жатып, АКШнын кызыкчылыктары да, Индия менен ортоктош кызыкчылыктарыбыз да – өз ара кызматташтыгыбызга эң жакшы себеп болот деген ишеничтемин... Кошмо Штаттар Индияны эл аралык күч катары алкыштап эле калбастан, муну катуу колдоп-кубаттайбыз. О.э. биз эки тараптуу жыргалчылыкты да, тынчтык жана коопсуздуктун туруктуулугун да, демократия жана адам укуктарынын бекемделишин да колдойбуз. Бул болсо, жетекчиликтин жоопкерчилиги болуп эсептелет. Кошмо Штаттар менен Индия ортосундагы ушул эл аралык

кызматташтык 21 кылымдагы өнүгүүнү жаратышы мүмкүн. Биз учурда эл аралык ядролук келишимди ишке ашырууга даярдык көрүп жатабыз. Биз ракеталарга каршы коргонуу сыяктуу жогорку технологиялык тармактарда да кызматташтыкты түзүшүбүз зарыл» (Интернеттен алынган «Кошмо Штаттар Индияны эл аралык күч катары колдоп-кубаттоодо» темадагы 2010-жыл 8-ноябрдагы кабарынан).

Ушуну айтып өтүү зарыл, 2010-жылы 29-сентябрда Индия өзүнүн бир топ аба жана деңиз күчтөрүн Кошмо Штаттардын Чыгыш Кытай деңизиндеги Окинавада жайгашкан 31-кургактык жана деңиз күчтөрүнүн бөлүгү менен аскерий машыгуулар өткөрүүгө жиберди. Чындыгында, Кытайдын мындай аскерий машыгууларга карата реакциясы абдан кескин болду. Сентябрдын акырында Кытай адмиралы Чжу Ен мындай деп эскертүү билдирди: «Кошмо Штаттардын коңшулаш мамлекеттерибиз менен башталган бир катар аскерий машыгуулары Кошмо Штаттар өзүнүн Азияда турушун күчөтмөкчү болуп жатканын көрсөтүп турат. Кошмо Штаттар баштаган мындай аскерий машыгуулар бир канча мамлекеттерди, анын ичинен, Кытай, Россия жана Түндүк Кореяны бутага алат о.э. Американын Япония жана Түштүк Корея сыяктуу өз союздаш мамлекеттери менен болгон стратегиялык кызматташтыгын бекемдейт» («Глобал Таймс», 2010-жыл 26-сентябрь).

3 – 2003 жылы Түндүк Кореянын ядролук аракетин тизгиндеп коюу максатында бул алты мамлекеттин ортосунда сүйлөшүүлөр башталгандан бери Америка белгилүү бир талаптарды коюп келүүдө. Түндүк Корея Американын талаптарын канчалык кабыл кылууга жакындашкан сайын, Америка ошончолук өзүнүн милдеттенмелерин аткарууга берген убадасын буза берет. Буга кошумча, Америка сүйлөшүүлөрдүн тынымсыз оңунан чыкпашына Түндүк Кореянын күчү жана негизги союздашы болгон Кытайды айыпкер кылып көрсөттү.

Мисал үчүн, 2007-жылы Кошмо Штаттар Түндүк Кореянын тоңдурулган каражатынын 25 миллионуна уруксат беришин, мунун тушунда болсо Түндүк Корея Йонбендеги ядролук реакторун токтотуп коюшу жана Эл аралык Атом Энергиясы Агенттиги инспекторлорун кайра киришине макулдук бериши керектигин билдирди. Ушуга карабастан, Кошмо Штаттар дагы өз убадасын артка таштады. Т.а. келишимди чала жасап, каражаттан тыюу салууну абдан кеч алып таштады. 2009-жылы Кошмо Штаттар койгон бир канча тоскоолдуктар акыбетинде Түндүк Корея алты мамлекет сүйлөшүүлөрүнөн чыгып кетти. Натыйжада, өз ара мамилелер дагы кескиндешти. Т.а. Түндүк Корея эл аралык Атом Энергиясы агенттигинин инспекторлорун өлкөдөн кууп чыгарды, урандын байытылышын кайра баштоо планын жарыя кылды, 2009-жылдын май айында жер астында ядро жардыруу сыноосун өткөрдү о.э. жакында Түштүк Кореянын деңиз күчтөрү менен кагылышуу болуп, Түштүк Корея жарым аралына чабуул жасады...

4 – Бул окуялар менен кошо, Америка самолёт ташуучу кемелерди жайгаштыруу, аскерий машыгууларды өткөрүү, Кытай жана Түндүк Кореяны кошпостон сүйлөшүүлөрдү алып баруу менен жооп кайтарды. Максат, Кытайга басым өткөрүп, аны союздашы болгон Түндүк Кореяга каршы дагы да кескин позицияда турууга мажбурлоо эле. Америка армиясы бириккен штабдарынын башкы штаб жетекчиси адмирал Майк Муллен 2010-жылы 8-декабрда айткан сөздөрү менен Кытайдын көбүрөөк пайда келтирүүчү роль ойношуна шилтеме кылды: «Кытайлыктар Түндүк Кореяга чоң таасир өткөрүү күчүнө ээ. Жер жүзүндөгү калктар арасында Түндүк Кореяга таасир өткөрүүдө кытайлыктарга жете турганы жок. Бирок, мамилелар кескиндигине чек коюу эки тарапка тең пайда алып келишине карабастан, кытайлыктар ушул таасирден пайдаланууну каалабай жатышат». Ушул нерсе анык көрүнүп турат, Кытай жакындагы чабуулдар артынан шашылыш түрдө

алты мамлекеттин сүйлөшүүлөрүн кайра баштоого чакырды. Кошмо Штаттар болсо, мындан баш тартты. Ошондон кийин Кытай Американын региондогу аралашуусуна каршы Түндүк Кореяны ачык эле коргоого өттү! Бул ушуну түшүндүрөт, Америка ортодогу кескиндикти дагы да курчутууну, Кытай менен Түндүк Кореяны кудум бул кескиндиктин себепчиси катары көрсөтүүнү, арийне, регион мамлекеттерин экөөсүнө каршы тукурууну каалап жатат. Бирок, Америка бул тукуруу согушка айланып кетпешин каалайт. Себеби, ал Ирак жана Афганистан менен алек болгондуктан, эл аралык жана регионалдык абал буга туура келбейт.

5 – Кытайдын «Arabic.china.org.cn» сайты «Синьхуа» маалымат агенттигинен алып, 2010-жылы 16-декабрда Кытай, Япония, Түштүк Кореянын келерки жылы Сеулда болуп өтө турган үч тараптуу кызматташтыктын башкы катчылыгын түзүү үчүн келишимге кол койгону жөнүндө кабар таркатты. О.э. түрдүү маалымат каражаттарында, анын ичинен, жогорудагы сайтта Кытай премьер-министринин Индияга сапар жасаганы тууралуу кабар таратылды. Кытайдын бул аракеттери кайсы маалымат агенттигинде таркатылбасын, биз жогоруда айткандарыбыздан корутунду чыгарып төмөнкүлөрдү айта алабыз:

Кытайдын азыркы аракеттеринен максат, Американын Кытайды өз коңшуларынан жекелеп коюп, агрессивдүү мамлекет кылып көрсөтүүдөгү урунууларын жокко чыгаруу. Түштүк Корея жана Япония аябай америкапараст мамлекеттер болуп саналат. Кытайдын бул эки мамлекетке жакындашышы болсо, Американын бул мамлекеттерден Кытайга каршы пайдаланышына чек коюуу деп бааланат. Индия болсо, Америка колундагы куралдардын бири болгон, дале курал болуп келүүдө. Америка бул куралдын жардамында өзү менен Кытай ортосунда тынымсыз проблемаларды чыгарып, тынымсыз кескиндик

отун тутандырып турат. Ошондой болгон соң, Кытай Индияга жакындашуу менен Американын Кытай-Индия алакаларында жүзөгө келтирмекчи болуп жаткан кескиндикти өчүрмөкчү.

Күтүлүп жаткан нерсе ушул, Кытай Америкага каршы аракет жасап өзүнүн пайдасына упай алышы мүмкүн. Бул болсо анын Индия сапарынан да, Япония жана Түштүк Корея менен түзгөн үчтүк союзунан да жакшы пайдалана алышына, Американын бул эки мамлекет аркылуу койгон торуна түшүп калбашына байланыштуу.

**11-мухаррам, 1432-х.**

**17-декабрь, 2010-м.**

### Жигиттер үчүн маалымат

1 – Кытай экономикасынын өсүшү капыстан жүз берген жок. Тескерисинче, ал жакшылап пландаштырылган стратегиянын бир бөлүгү болчу. Бул стратегия Дэн Сяопин доорунан башталып, айрымдарга бул стратегия «ачык эшиктер саясаты» аты менен белгилүү. Дэн Сяопинден кийин бул стратегияны анын орун басарлары «Кытайдын тынч өнүгүшү» деген наам астында алып барышты. Бул эки стратегия – т.а. «ачык эшиктер саясаты» жана «Кытайдын тынч өнүгүшү» – маани-маңызы боюнча Кытайды экономикалык державага айлантып, кийин бул кубатты аскерий кубатка айлантууга багытталган. Бул кубат Кытайга өзүнүн экономикалык жана соода кызыкчылыктарын коргоо мүмкүнчүлүгүн берет. О.э. бул эки стратегия Кытайдын өз идеологиясын чет элде күч менен бекемдөө аракеттерин азайтып көрсөтүүгө (жашырууга) же дүйнөлүк державалар менен, өзгөчө, Америка Кошмо Штаттары менен кагылышуудан алып качууга каратылган. О.э. бул эки стратегия Кытайдын Азия-Тынч океаны регионунда өз өкүмдарлыгын жаюу ниети жок экенин билдирип, коңшу мамлекеттердин коркуусун тынчтандырууну да камтыган.

2 – Буга жетишүү үчүн Кытай өз экономикасын төмөнкү эки баскыч боюнча өнүктүрдү. Биринчи: айылдардагы абалды жакшыртуу (реформалоо);

Экинчи: айыл-чарбаны өнөр-жайлаштыруу жана өнөр-жайларды реформалоо. Буга жергиликтүү арзан жумушчу күчтөрүнөн пайдалануу, Батыш жана Россиядан технология алуу – мындан мурун алдыңкы технология тосуп коюлган эле – ылдам урбанизация жана дүйнө боюнча арзан товарларды сатууга каратылган экспорт өнөр-жайы жардам берди. Кытай өнөр-жайынын абдан көп экспорт товарлары Германия жана Японияга экспорттоло турган болду. Ошондуктан, Кытай сексенинчи жана токсонунчу жылдары үлкөн экономикалык өнүгүүнү башынан өткөрдү. Себеби, 1979-жылдан 2010-жылга чейин Кытайдын орточо жылдык ички дүң продукциясы (ИДП) көрсөткүчү 9,91%га көтөрүлдү. 1984-жылы бул көрсөткүч эң жогору даражага – 15,2 %га жеткен. 2007-жылы Кытайдын ички дүң продукциясы 13%га жеткен. Бул, секириктин башталышынан мурун жүз берди. Өткөн он жыл ичинде Кытайдын экономикалык кубаты ачык-айкын көрүндү. Кытай ИДП боюнча 2000-жылы Италиядан, 2005-жылы Франциядан, 2006-жылы Британиядан, 2007-жылы Германиядан, 2010-жылы Япониядан озуп кетти. (бул малыматтар 2011-жылы 17-февралда CNN сайтында «Кытай барган сайын байып барууда, бирок, көпчүлүк кытайлыктар дагы эле жакырчылыкта» деген наам астында Нин-Хай Ценг тарабынан көрсөтүлгөн). Муну менен Кытай Кошмо Штаттардан кийин турган экинчи чоң экономикага айланды. Айрымдар Кытай 2019-жылы дүйнөдөгү эң чоң экономикалык кубатка айланат деп божомол кылышууда. («The Economist» журналынын сайты, 2011-жыл, 11-январь, «Четке чыгуунун мыкты жолу»). Өсүүнүн бул доорунан улам кээ бир кытайлыктар Кытайдын «алтын кылымы» келди деп божомолдоп баштаашты.

3 – Кытай өз валютасы – юанды АКШ долларына карата экспорт арзан боюнча калышын жана дүйнөдөгү импортёр мамлекеттерге алгылыктуу болуп кала беришин камсыздаган белгилүү бир курста кармап туруу Кытайдын экономикалык өкүмдарлыгынын борбору болуп калды. Кытай буга бир нече каражаттар аркылуу жетишти. Бул каражаттардын бири

ушул: Кытайдагы өнөр-жай ишканаларынын ээлери өздөрүнүн экспорт товарларынын ордуна Кошмо Штаттардан доллар алышканда бул долларлар дароо юанга алмаштыра турган болду. Себеби, Кытайдын жергиликтүү базарында мыйзамдуу айырбаштоо валютасы – юань. Ишкана ээлери камсыздоочуларга жана жумушчуларга юань менен акы төлөөшү керек, эсеп-китептер, каражаттар жана башкалар да юань менен айырбашталышы керек. Бул болсо, юанга болгон басымдын көбөйүшүнө алып келет. Себеби, бул валютага болгон талап көбөйөт жана юандын долларга карата курсунун көтөрүлүшүнө себеп болот. Ошондуктан, Кытай борбордук банкы жергиликтүү базардагы ашыкча юандан кутулуу үчүн бир катар түрдүү технологиялардан, алардын катарында жергиликтүү кымбат баалуу кагаздар жана башка ар кандай финансылык куралдардан пайдаланат. Бул борбордук банк өз кезегинде өзүндөгү долларларды Кошмо Штаттардын экономикасына кайтарат, муну Америка казынасынын кымбат баалуу кагаздарын сатып алуу аркылуу ишке ашырат. Ушул таризде Кытай бийлиги өз валютасынын долларга карата көтөрүлүшүнө жол бербейт. Ошентип, Кытай Америка Кошмо Штаттары үчүн негизги кредитор мамлекетке айланды. 2011-жылы май айында Кытай Америка казынасы ээ болгон чет элдик финансылык кагаздардын 26%ын (Американын жалпы мамлекеттик карызынын 8%ына барабар) өз колуна топтоп алды.

Кытай юань саясатын бекем коргоду. Себеби, Пекин, эгер юань тездик менен көтөрүлө турган болсо, бул нерсе өзүнүн экспорт товарларына терс таасир көрсөтөт (себеби, мунун акыбетинде Кытай товарлары кымбаттап, чет элдеги атаандаштык кубаты чектелип калат), арийне өнөр-жай ишканаларынын жабылышына мажбур болушун, мунун акыбетинде миллиондогон кытайлыктар жумушсуз калышын, бул болсо мамлекеттин туруктуулугуна коркунуч туудурат деп билет.

4 – Тагдырдын тамашасы менен Кытайдын эң чоң соода шериги Америка Пекинге «эң ыңгайлуу мамлекет» мартабасын берүү аркылуу Кытай

экономикасынын өсүшүндө чоң роль ойноду жана дагы эле ойноп келүүдө. Кошмо Штаттар бул мартабаны ар жылы жаңылап турат. Эки мамлекет ортосундагы соода балансындагы абдан чоң айырмага карабастан, бул мартабаны Кытайга берди. Ал тургай, 2000-жылы бул мартаба туруктуу болуп калды. Америка бул чоң айырмачылыкты көтөрүп келет, себеби, бул нерсе төмөнкү эки маанилүү максат үчүн кызмат кылат:

Биринчиден: Кытайды өз экономикасын өстүрүү үчүн дүйнө бойлоп ресурстардын артынан тынымсыз жүгүрүп жүрүү менен алек кылып коюу. Бул нерсе Кытайды экономикалык өсүүнү сактап калуу үчүн дагы да көбүрөөк ресурстарды жумшоого мажбур кылат. Акыбетте, Кытай аскерий кубаттуу кеңейтүүнүн ордуна (зыянына) экономика менен алек болуп калат. Америка Советтер Союзун куралдануу жарышы аркылуу жеңген жана Вашингтондогу саясатчылар Кытайды экономикалык атаандаштык (жарышуу) аркылуу жеңүүгө болот деп билишет.

Экинчиден: Кытайга демократиялык өзгөрүүлөрдү алып келе турган америкача капитализмге жана баалуулуктарга суктанган кытайлыктардын катмарын чыгаруу. Башкача айтканда, Америка Кытайда капитализмге суктанган орто катмарды ишке салып коммунисттик партияга каршы козголоң чыгарууга ар дайым умтулуп келген, дагы эле умтулууда.

Буга кошумча, Кошмо Штаттар Кытайдын регион жана дүйнө иштеринде чоң роль ойноо мүмкүнчүлүктөрүн жокко чыгарды. Америка арты-артынан алмашкан Кытай өкмөттөрүн ички проблемалар жана Кытай айланасында жүз бере турган тышкы проблемалар менен ар дайым алек кылып коюуга аракет кылды. Ушул максатта Кытайдын Тибет жана Синьцзянга карата мамилесиндеги адам укуктарынын проблемасы Пекинди өз ордуна коюу үчүн т.а. Кытайга каршы ишке салынат. Америка Кытай саясатчыларын алдан тайдыруу жана аларды аягы жок проблемалар менен алек кылып коюуну кепилдөө үчүн Тайвань, Түндүк Корея жана Азия-Тынч океаны регионунда коопсуздук маселелеринен да пайдаланды.

5 – Американын Ирак жана Афганистандагы кырсыктуу согушу о.э. 2008-жылдагы дүйнөлүк экономикалык кризис Америка-Кытай алакаларынын анык чегин белгилөөгө алып келди. Америка мурункудай улуу кубат деп эсептелбей турган болуп калды. Дүйнө 1991-жылдагы бир уюлдуу дүйнөдөн Америка 2003-жылы Иракка бастырып киргенден кийин көп уюлдуу дүйнөгө айланды. Иракта түрдүү ири күчтөр регион үстүнөн өз өкүмдарлыгын орнотуу үчүн Америка менен атаандаша турган болду. Алардын арасында эң көзгө көрүнгөн мамлекеттерден бири Кытай болду. Батыштагы айрым идеологдордун пикиринде дүйнөдөгү күчтөр балансы качып кутулгус түрдө Кытайдын пайдасына өзгөрүп жатат. 2008-жылы жазуучу Иимон Финглтондун «Ажыдаар оозунда: келе жаткан Кытайдын өкүмдарлык доорундагы Американын тагдыры» аттуу китеби, Мартин Жактын 2009-жылы чыккан «Кытай дүйнөгө өкүмдар болгондо: Батыш дүйнөсүнүн күнү бүтөт жана жаңы дүйнөлүк түзүм туулат» аттуу китеби, жазуучу Стефан Халпердин 2010-жылы чыккан «Пекин консенсусу: XXI кылымда Кытайдын авторитардык модели дүйнөгө кантип өкүмдарлык кылышы жөнүндө» аттуу китеп да мисал.

Экономикалык тармакта бүткүл дүйнө Кытай экономикасы дүйнөлүк кризисти Америка жана Европадан көрө жакшыраак түрдө жеңип өткөнүнө күбө болду. Ошондуктан, Америка саясатчылары жана экономисттери Пекинге катуу чабуул кылышып юандын төмөн баасын сактап турууда айыпташты. Алар бул саясат кулап бара жаткан Америка экономикасынын жандануу мүмкүнчүлүктөрүнө зыян жеткирет жана Американын дүйнөлүк базарлар менен атаандашуу кубатына зыян жеткирет деп эсептешүүдө. Ошондуктан, 2009-жылы январда Гейтнер Америка казына министри болушунан мурун мындай деди: «Президент Обама – экономист эксперттер тарабынан чыгарылган бир катар кеңири корутундуларга таянып – Кытай өз валютасы менен каалагандай мамиле кылууда деп эсептейт». (Жеки Калмис, «Нью-Йорк Таймс» сайты, 2009-жыл, 22-январь, «Гейтнер Кытай менен

болгон соодага карата кескин позицияга ишарат кылууда»). Албетте, бул сындоолор орунсуз. Себеби, доллардын төмөндөшү – юань баасынын төмөндөшүн колдоп-кубаттап жаткан Кытай борбордук банкына караганда көбүрөөк кошумча долларды басып чыгаруу аркылуу долларды төмөндөтүп жаткан Федералдык Резервдик Системага байланыштуу. Мындан тышкары, Кытай Америка басымдары себептүү эмес, аныгы, экономиканын бир бөлүгү болгон Кытайдын кыймылсыз мүлк базарындагы абал курчуп жаткандыктан жакында өз валютасын төмөндөтүүгө уруксат берди. О.э. бул нерсе учурда 8%га жеткен Кытай ИДПнын төмөндөшүнө себеп болду.

Аскерий тармакка келсек, финансылык кризис Кошмо Штаттарды өз аскерий чыгашасын кыскартууга мажбур кылды. Себеби, коргоо министрлиги Пентагон коргоо бюджетинде чоң кыскаруу болгонун жарыя кылды. Бир нече курал-жарак программалары кыскартылды. Кошмо Штаттар бир эле учурда эки согушка кирүү саясатынан расмий түрдө баш тартты. Ушул багыт алкагында Америка жана анын Азия-Тынч океаны регионундагы союздаштары болуп көрбөгөндөй Кытайдын аскерий кубатынан, өзгөчө деңиз күчтөрүнөн тынчсыздана турган болуп калышты. Американын дүйнөдөгү өкүмдарлыгынын күчсүздөнүшү Кытайдын өз аскерий булчуңдарын көрсөтүшүнө түрткү болду. Мисалы, 2007-жылы ноябрда Кытай Америка аскерий кемеси «USS Kitty Hawk»дын Гонконгтогу Виктория портуна келишине жол бербеди. 2009-жылы мартта болсо Кытайдын бир топ аскерий кемелери Түштүк-Кытай деңизинде Кошмо Штаттардын патруль кемеси «USNS»ти куугунтукташкан. Мындан сырткары, Кытай өзүнүн мина ташуучу кемелери флотун жаңылады. Кытайдын эки авианосецке ээ болуу планы бар, салттуу ядролук чабуулдун жаңы түрүн пайда кылуу тармагына жана баллисттикалык суу асты кемелерине көп каражаттарды бөлгөн. Америка деңиз күчтөрүнүн мурунку өкүлү Сет Кропсинин айтымында, Кытай Америка деңиз күчтөрүнө караганда чоңурак суу асты күчтөрүн топтоо мүмкүнчүлүгүнө ээ. Учурда АКШнын бул күчтөр 75 кемени түзөт.

Кытай өз аскерий күчтөрүн жаңылап жатканда Кошмо Штаттардын Тайванды коргошу кыйын болуп калат. «Ранд» институтунун 2009-жылдагы изилдөөсүнө караганда 2020-жылы Кошмо Штаттар Тайванды Кытай чабуулдарынан коргой албай калат. Түштүк-Кытай деңизинде Кытай деңиз күчтөрүнүн көбөйүшү күтүлүүдө. Бул деңиз Кытай үчүн Индия океанына чыгуу эшиги жана дүйнөлүк углеводород жеткирип берүү жолу болуп эсептелет. (Роберт Каплан: «Foreign Affairs» журналынын 2010-жылдын май/июнь санында чыккан «Кытай бийлигинин географиясы» аттуу макаласынан).

Кытай аскерий кубатынын ылдамдык менен өсүп барып жатканы жана Пекиндин Америка кемелеринин айрым деңиз жолдоруна жана портторуна киришине тоскоолдук кылуу үчүн өз деңиз күчтөрүн ишке салуу каалоосу Американы тынчсыздандырууда. Ошондуктан, Америка акыркы кездерде Азия-Тынч океаны регионундагы бир нече мамлекеттер менен түзгөн коопсуздук боюнча келишимдерин жаңылоого тынымсыз аракет кыла баштады. Бул мамлекеттерге Япония, Австралия, Индонезия, Түштүк Корея кирет. О.э. Кошмо Штаттар Тайванга көлөмү 6,4 миллиард доллар болгон курал-жарак жеткирип берүүнү убада кылды. Обама өткөн жылы ушул регионго жасаган сапарында Австралияда 2500 деңиз жөө аскерлерин туруктуу жайгаштырууга жана «В-52» аскерий самолёттордун санын көбөйтүүгө ыраазылык берди. О.э. Обама Индонезияга «Ғ-16C/D» тибиндеги жаңыланган 24 аскерий самолётту жеткирип берүү планы бар экенин да маалымдады. Обама Кытайды Түштүк-Кытай деңизинде чыр-чатак чыгышынан эскертип мындай деди: «Мен Азия-Тынч океан регионунда турушубузду жана вазыйпаларыбызды биринчи даражадагы маселелердин башына коюу үчүн бир улуттук коопсуздук тобун жибердим… Ал экономикабызга эле эмес, улуттук коопсуздугубузга карата да эң маанилүү иштерден саналат». Эсеп-китептердин көрсөтүшүнчө, Түштүк-Кытай деңизи аркылуу өтө турган соода-сатыктын көлөмү беш триллион долларга жетет,

мындан Кошмо Штаттардын үлүшү 1,2 триллион доллар. Муну Роберт Магиннис 2011-жылы 25-ноябрда «Human Events» сайтында «Кошмо Штаттар Кытайга каршы суук согуш жарыя кылууда» деген тема астындагы макалада айткан.

Америка Азия регионундагы мамлекеттер менен соода кызматташтыгын күчөтүүгө да аракет кылууда. Муну Азия-Тынч океаны мамлекеттеринин экономикалык стратегиялык кызматташтык келишимин (Trans-Pacific Strategic Economic Partnership Agreement) ишке салуу аркылуу ишке ашырмакчы. Америка бул мамлекеттерди, мисалы, Япония, Түштүк Корея, Малайзия, Австралия, Сингапурду бир күчтүү экономикалык байлоочу байланыш менен кызыктырмакчы жана бул мамлекеттердеги Кытай товарларына чек коймокчу.

Корутунду:

Көрүнүп тургандай, Кытай Американын артка кеткенинен пайдаланууда. Кытай азыр Түштүк-Кытай деңизи маселесинде, Япония жана Вьетнам менен болгон чатактуу чегаралар маселесинде дагы да кескин позицияны ээлей турган болуп калды. Эл аралык маселелерде дагы да бекем жана агрессивдүү аракет кыла турган болду. Мисалы, жакында Пекин БУУда Кошмо Штаттар жана Батышка каршы туруп Коопсуздук Кеңешинин Сирияга тиешелүү резолюциясына каршы вето укугунан пайдаланды. Кытай аскерий күчтөрү Кошмо Штаттарга каршы тура албаса да, бирок, бул күчтөр Америка кемелеринин кээ бир суу жолдоруна жана портторуна кирип келишине – Кытайга тиешелүү жаңы монро доктринасынын башталышына – жол бербөө үчүн дагы эле согушчан даярдык абалда турат. Ошол эле учурда, Кошмо Штаттар да Кытайдын жакында ачыла баштаган агрессивдүүлүгүн баалоого аракет кылууда. Америка Кытайдын келерки он жылдыкта өзүнүн ордун ээлешине жол бербөө үчүн өзүнүн бардык ресурстарын пайдаланууга даяр турат. Саясий илимдер боюнча америкалык профессор Жон Миршеймер муну минтип түшүндүргөн: «Жер шарынын Батыш бөлүгүнө өкүмдар болгон

Кошмо Штаттар Кытайдын жер шарынын Чыгыш бөлүгүнө өкүмдар болушун токтотууга аракет кылууда, бул, бүткүл кылымдын драмасы болушу мүмкүн».

Бирок, Кытай Кошмо Штаттарга чыныгы коркунуч туудурушу үчүн оболу бир нече ички проблемаларды жеңип өтүшү керек. Бул коркунучтар төмөнкүлөр: Кытай экономикасы экспортко өтө байланышып калган, бул нерсе Кытай экономикасынын солгундашына коркунучун туудурат. Ошондуктан, Кытайдын Мамлекеттик кеңешинин президенти Вэнь Цзябао Кытай экономикасына «туруксуз, тең салмактуу эмес жана тартиптештирилбеген» деп баа берди. Калк арасында кары-картаңдар санынын көбөйүү маселеси. Бул проблема Маонун Кытай калкынын санын көзөмөлдөөгө урунушу акыбетинен улам жаралган. Себеби, 60 жаштан ашкан адамдардын саны 178 миллионго жетет. Бул сан 2030-жылы эки эсеге көбөйүшү мүмкүн. Бул болсо, жумушчу күчтөрүнүн кыскарышын түшүндүрүп эле калбастан, социалдык камсыздоо үчүн да оордук болот. Ушул жылы кытай элитасы жаңы жетекчиликти шайлайт. Бо Силай (Bo Xilai) менен болгон жаңжал эң жогорку жакта проблема бар экенин көрсөттү. Көпчүлүк нерселер Кытай канчалык ушул проблемаларды жакшы чечишине байланыштуу. Эгер, Кытай бул проблемаларды жакшы чече албаса, анда, дүйнө дагы бир кубаттын пайда болушуна күбө болуунун ордуна анын кулашына күбө болот.

Кытай-Америка алакаларындагы мындай абал келечекте Халифалык мамлекетине бир нече тармактарда өзгөрүү жасашы үчүн чоң мүмкүнчүлүктү берет. Бул болсо, Халифалык мамлекетинин борборлошуу чекитине көбүрөөк байланыштуу.

Негизинен, Кытайга энергия булактары Жакынкы Чыгыш жана Орто Азиядан келет. Бул болсо, Халифалык мамлекетине үлкөн таасир өткөрүү мүмкүнчүлүгүн берет, мисалы:

1 – Кытайды Америкага каршы Азия-Тынч океаны регионунда экинчи фронтту ачууга тартуу. Буга Кытайды Тайванды кайтарып алууга үндөө жана Корея жарым аралын Түндүк Корея аркылуу бириктирүү жолу менен жетишүү мүмкүн. Бул болсо, өз-өзүнөн Америка менен согушууга алып барат. Арийне, бул нерсе Халифалык мамлекетине мусулмандар жерлерин азат кылуу мүмкүнчүлүгүн жаратат.

2 – Кытайды Индия менен чектешкен чегараларга кошумча күчтөрдү жайгаштырууга о.э. Аруначал-Прадеш жана Аксайчинге бастырып кирүү менен коркутууга үндөө. Максат, Индия күчтөрүн жайып жиберүү о.э. эгер, Пакистан Халифалыктын бир бөлүгү болуп калса Индиянын Пакистанга чабуул кылышына жол бербөө.

3 – Кытайды өз колундагы доллар жана евродон арзан нефть жана газдын акысына кутулууга кызыктыруу. Бул да өз кезегинде Кошмо Штаттар жана Европага чоң проблеманы жаратат жана бул экөөсүнүн экономикалык өкүмдарлыгына анык чек коёт.

4 – Кытайды Чыгыш Түркстан (Синьцзян) регионундагы мусулмандарга о.э. Кытайдын башка бөлүгүндө жашап жаткан мусулмандарга карата мамилесин өзгөртүүгө мажбур кылуу. Айтмакчы, Чыгыш Түркстан региону Исламдын Кытайга кирип келиши үчүн эшик болуп эсептелет, экинчи эшик болсо – Тайвань. Эгер, Халифалык мамлекети Тайвань үстүнөн өз көзөмөлүн орнотсо ал кудум бир чөкпөс «авианосец» болуп калат жана андан Халифалык кубатын бүткүл Кытай жерин бойлоп о.э. Кытай деңизинин чыгышы жана түштүгү бойлоп көрсөтүү үчүн пайдалануу мүмкүн. Мындан сырткары Индонезия менен Малайзия бири-бирине жакын, бул болсо өз кезегинде Халифалык малекетине Азия-Тынч океаны регионунда өзүнө жараша салмакты берет.

**19-апрель, 2012-м.**

## Кытай экономикасындагы проблемалар

**Суроо:**

*Кытай төрагасы Си Цзиньпин 2013-жылы 13-ноябрь күнү мындай деди: «Кытай экономикасындагы проблемаларды чечүү үчүн реформаларды уланта берет. Бирок, мындай реформалар үчүн этият пландары зарыл болот, ал эми, бул пландарды бир күндө ишке ашырып болбойт». Кытай телевидениеси анын Кытай жетекчилиги өткөргөн жыйын аягында айтылган ушул сөздөрүн да келтирди: «Реформалар Кытайдын азыркы проблемаларын чечүү үчүн бир каражат». 2013-жылы 9-ноябрда башталган бул жыйын төрт күнгө созулду. Бул жыйын 2013-жылы 6-ноябрда Кытайдагы өкүмдар партиянын – коммунисттик партиянын регионалдык кеңселеринин биринде жети жардыруу жүз бергенден кийин өткөрүлдү. О.э. бул окуядан бир апта мурун бир автомашина Тяньаньмэнь аянтына жакын көчөдө бир топ адамдарды коюп кетип, кийин өрттөнүп кеткен. Белгилүү болгондой, бул аянт Пекиндеги эң чоң аянт эсептелип, ал Кытай борборунун символдук жүрөгү болуп саналат. Суроо мындай, биз Кытай экономикасы эң чокусына чыкты деп угабыз, ошондой болгон соң, Кытай жетекчилиги экономикадагы проблемаларды чечүү үчүн жыйын өткөргөнү эмне маанини билдирет? Бул жерде ушул жардыруулар менен Кытай жооптууларынын экономикалык иштерди талкулоо үчүн өткөргөн жыйынынын ортосунда бирер байланыш барбы? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.*

**Жооп:**

1 – Ооба, байланышы бар. Кытай адатынча шашып: «Бийлик бул окуя тууралуу исламчы экстремисттерди айыптайт», - деп билдирген болсо да, бул жерде байланыш бар. Кытай шашкалактап мындай деп билдирүү берүүдөн адамдардын көңүлүн экономикалык абалдын ордунан жылбай калганынан чалгытууну көздөгөн. Экономикадагы бул абал Кытай калкын, айрыкча, айылдар жана мамлекет борборундагы калкты бактысыз жана жаман абалга кириптер кылат, арийне, мамлекет этибарын экономикалык кыйынчылыктарга каратуу үчүн күчтүү наразылыктарга үндөйт.

2 – Бул окуялар Кытай кээ бир ички терең проблемаларга туш келип жатканын көрсөтүп турган негизги багыттын бир бөлүгү болуп эсептелет. Бул ички проблемалар чет элдеги тышкы саясатты алып барууга өз таасирин өткөрүүдө. Кытай 2005-жылы массалык тартипсиздиктер, демонстрациялар жана ички чыр-чатактардан турган 87.000 социалдык тартипсиздиктерди башынан өткөрдү. Ал эми, 2010-жылы Кытайда 180.000 нааразылык демонстрациялары, тартипсиздиктер жана башка массалык окуялар жүз берди. Т.а. нааразылыктар көбөйүп барууда…

3 – Кытайдагы тез өнүгүүнүн негизги элементи болгон эркин экономикалык зоналардын баары Кытайдын Чыгыш жээгинде тургузулган. Бул зоналарда иштелип чыккан продукциянын баары кемелерге жүктөлүп, дүйнөгө экспорт кылынат. Мунун натыйжасында бул жээк зонасы дүйнөлүк экономикага байланып калды, Кытайдагы тез өсүүнүн негизги бөлүгү ушул зонада байкалат. Бул зона элитанын жаңы муунун да пайда кылды. Булардын баары Кытайдын калган бөлүгүнүн эсебинен жүзөгө келди. Себеби, Кытайдын көпчүлүк бөлүгү дагы эле ири агрардык регион боюнча калууда. Негизинен эгин эгүү менен алектенген бул региондордо инфраструктуралар аз болуп, кембагал жашоону башынан өткөрүүдө. Бостон консультативдик тобу 2008-жылы өткөргөн байлык бөлүштүрүүгө тиешелүү эл аралык изилдөөгө ылайык, Кытайдын 0,2% калкы Кытай байлыгынын 70%ына ээлик кылат. Байлыктын мындай жаман бөлүштүрүлүшү артынан жаман мамиле, камакка алуулар, күчсүз эмгек мыйзамдары, абдан төмөн иш акылары, Кытай бийлиги көпчүлүк калкынын экономикалык муктаждыктарына жетиштүү көңүл бурбашы да артып барууда.

4 – Төмөн иш акыларына жана жогору даражада тышкы экспортторго таянган Кытай экономикалык модели азыр бир жайда жылбай турат. 2008-жылдагы дүйнөлүк экономикалык кризис муну бүтүндөй ачыкка чыгарды. Бир нече эксперттер Кытай экономикасы абдан кыйын абалда деп эсептешүүдө. Нобель сыйлыгынын лауреаты, экономист эксперт Пол

Кругман мындай дейт: «Азыр көрсөткүчтөр Кытай абдан кыйын абалда экенин анык көрсөтүп турат, биз бир жөнөкөй өткүнчү депрессия жөнүндө сүйлөп жатканыбыз жок, тескерисинче, маңызынан тереңирээк иш жөнүндө сүйлөп жатабыз. Себеби, бул мамлекеттеги соода аракетинин бүткүл ыкмасы жана отуз жыл аралыгында таң каларлык өсүүнү жетектеген экономикалык система аягына жетти. Кытай модели өзүнүн «улуу дубалына» сокку берүү алдында турат деп айтуу мүмкүн. Азыркы учурда бирден-бир суроо: бул кулоо канчалык опурталдуу болот?». (Кытай дубалы менен кагылышуу, Пол Кругман, Нью-Йорк Таймс, 2013-жыл 18-июль). Кытай экономикасында боло турган чоң өзгөрүүлөрдү божомол кылган жана муну бир нече жылдар аралыгында талкуулаган Стратфор мындай дейт: «Кытай экономикасында болуп жаткан чоң өзгөрүүлөр азыр негизги маалымат каражаттарынын көңүлүн өзүнө бурду. Көпчүлүк адамдар: Кытай качан экономикалык кризиске кабылат? – деп суроо салышкан. Биз буга Кытай жакында кризиске кирди, деп жооп бердик. Бул жагдай Кытайдан тышкарыда, айрыкча, бизде, Кошмо Штаттарда кеңири чөйрөдө моюнга алынбаган. Кризис – ал моюнга алынынан мурун – жүз берген болушу мүмкүн. Кризис бар экенин моюнга алуу кыйын учур. Себеби, бул жагдай башка көпчүлүк тараптар бул кризиске карата позициясын билдирүү катары өздөрүнүн иш-аракеттерин өзгөртүүнү баштаганда жүз берет. Биз: «Кытай экономикасында кризис бар экендиги дүйнө динамикасы өзгөрө турган даражада кабыл алына турган бир фактыга качан айланат?», - деп суроо салып келгенбиз». (Кытай экономикалык керемети аягына жеткенин моюнга алуу, Стратфор, 2013-жыл, 23-июль).

5 – Кытай акыркы он жылдыкта экономикалык өнүгүүдө капитализмдин жолун кармана баштады. Анткени, экономикалык жандануу өлчөөсү көп продукция иштеп чыгарууга байланыштуу болуп калды, бөлүштүрүүгө болсо, көңүл бурулган жок. Анткени, капитализмде продукция иштеп чыгаруунун көбөйүшү – ал тургай, бүткүл экономикага бир ууч кимселер гана ээ болуп алып, калган адамдар туңгуюк, өтө кыйын турмушту

башынан өткөрүп жаткан болсо да – экономикалык кубатты жана өнүгүүнү түшүндүрөт. Т.а. бүткүл этибар продукция иштеп чыгарууну көбөйтүүгө каратылып, адилет менен бөлүштүрүүгө көңүл бурулбайт. Эгер, Кытай коммунизм жана капитализм гибридинен (аралашмасынан) турган ушул жолдо бара берсе, ал да Советтер Союзу кабылган нерсеге туш келет. Советтер Союзу коммунизм менен капитализмди бири-бирине аралаштырууга урунганда, ал «өрдөкө теңелип карганын буту сыныптыр» деген натыйжада кулады! Кытай да ушундай абалга кабылышы мүмкүн… Эгер, коркунуч кайдан чыгып жатканын түшүнүп жетип, коркунуч булагын чечип оңдой алса, бул абалдан кутулуп чыгышы мүмкүн.

6 – Кытай бул кризистен кутулуп калышы мүмкүн. Бул үчүн ал бүткүл этибарын дүйнөлүк экспортко карата бербей, бул гибрид экономикага таянуудан мурун өз калкынын жергиликтүү талаптарына көңүлүн буруп, бул калктын муктаждыктарын камсыздоого өтүшү керек. Антпесе, Кытайдын 1 миллиард 300 миллионго жеткен калкынын 948 миллиону күнүнө 5 доллардан да аз каражат менен жашайт берет жана байлык кембагал жумушчулардын күчүнөн пайдаланып жаткан бир ууч кимселердин колуна чогула кала берет. Мунун акыбетинде абдан көп адамдардын муктаждыктарын камсыздоо аткарылгыс арзуу болуп калат, продукция иштеп чыгарууга бир ууч адамдар кожоюн болуп алып, продукцияны ошолор чет элге экспорт кыла берет. Натыйжада, продукция иштеп чыгаруунун өсүүсү байкалып, бирок, ансыз деле кембагал жашаган адамдардын саны көбөйө берет. Бул болсо, нааразылыктар жана тартипсиздиктерди келтирип чыгарат… Кытайдагы «Renmin» университетинин юридика жана социология институтунун профессору Чжоу Сяочжэн (Zhou Xiaozheng) Кытайдагы чыныгы абалга түшүндүрмө берип мындай дейт: «Кытайдын азыркы ийгилиги 300 миллион кишиге таянганын унутпагыла. Бул кишилер миллиард арзан жумушчу күчүнөн дээрлик бекер пайдаланууда. Адилетсиз

юридикалык система жана байлыктарды адилетсиз бөлүштүрүү коркунучтарды дагы да үлкөндөтүүдө».

7 – Кытай капиталисттик Батыштын изинен жүрүүнү, бардык нааразылыктар жана тартипсиздиктерди «Исламий экстремизмге» жабыштырууну токтотушу керек. Кытай продукция иштеп чыгарууну көбөйтүү жана аны экспорт кылууга таянган гибрид экономикасы башынан өткөрүп жаткан кризистин түпкү тамырларын издөөнүн ордуна муну «Исламий экстремизмге» төңкөөдө. Натыйжада, продукция иштеп чыгаруу көлөмү да көбөйүп жатат, бирок, жаман бөлүштүрүү кооптуу түс алууда, кембагалдар саны көбөйүүдө, акыбетте нааразылыктар артууда… Биз Кытайды – эгер, ал ушул «коммунисттик-капиталисттик» экономикалык саясатты уланта берсе – Советтер Союзунун катарына кошулушунан жана өтмүш окуяларынын бирине айланышынан эскертебиз…

Биз Кытайга Исламды колдонгула, мына ошондо бакытка жетишесиңер, деп айтпайбыз. Себеби, бул колдонуу оболу исламий акыйда керек. Бул акыйда болсо аларда жок… Бирок, биз аларга капиталисттик Батышты туурабагыла деп айтабыз. Кембагалдыкта эзилип жаткан көпчүлүк калктын муктаждыгын камсыздоо үчүн бөлүштүрүүнү жакшыртууга көңүл бурбай, бүткүл этибарды продукция иштеп чыгарууга гана каратып капиталисттик Батышты тууроону токтоткула деп айтабыз. Антпесе, нааразылыктар күчөй берет. Батыш жан үрөп сайрап жаткан «Исламий экстремизм» нааразылыктардын күчөшүнө себеп эмес, тескерисинче, экономикалык жана пикирий абалдын жамандыгы себеп… «Исламий экстремизм» деген сөз саясий шылтоолордон башка нерсе эмес. Андан Кытайды – Чыгыш Түркстанды зомбулук менен басып алганы үчүн – олуттуу айыптоонун алдын алуу көздөлгөн. Бирок, бул алдоолордун эч бири, ушунча айла-амалдар жана акыйкаттарды жасалмалаштырып бурмалоолор мусулмандарды Кытай Түркстанды басып алганын унуттуруп жибере албайт. Тескерисинче,

Түркстан эртеби-кечпи – Аллахтын уруксаты менен – Исламий Үммөттүн кучагына албетте кайтат.

***«Албетте, силер анын кабарын** (бир аз) **убакыттан кийин билип аласыңар»*** [38:88]

**14-мухаррам, 1435-х.**

**17-ноябрь, 2013-м.**

## Американын Кытайга карата саясаты

**Суроо:** *2012-жылы 1-июнда Америка коргоо министри Леон Панетта Сингапурда өткөрүлгөн коопсуздук конференциясында «Кошмо Штаттар Азия-Тынч Океаны регионунда алты авианосецти сактап турат, өз аскерий кемелеринин 60%ын 2020-жылга чейин ушул регионго көчүрөт, келерки жылдардан тартып бул көчүрүү бшталат» деп жарыя кылды, ал түшүндүрмө берип: «Америка флотторун көчүрүү жаңы Америка стратегиясын колдонуу алкагында ишке ашырылат, бул стратегиядан Америка аскерий күчтөрүнүн Азия-Тынч Океаны регионундагы деңгээлин көтөрүү көздөлгөн», - деди. Американы өз аскерий деңиз бөлүктөрүнүн көпчүлүгүн Азия-Тынч Океаны регионуна көчүрүүгө эмне фактор үндөдү? Америка Кытайдын азыркы кездеги же келерки жылдардагы кубатын эсепке алып жатабы? Кытай ушул регион үстүнөн өз көзөмөлүн орнотуу үчүн качан аракет кылышы мүмкүн?*

**Жооп:** Бул суроого жооп төмөнкүчө:

1 – Азия-Тынч Океаны регионунда ушул маанилүү мамлекеттер жайгашкан:

– Япония, Кытай, Тайвань, Түндүк Корея жана Түштүк Корея. Бул мамлекеттер ортосунда Чыгыш-Кытай деңизи үстүнөн көзөмөл орнотуу маселеси боюнча чыр-чатак, келишпөөчүлүк бар, бул деңиздеги айрым аралдар, эркин деңиз аракети жана балык улоо боюнча да чыр-чатак бар.

– Филиппин, Вьетнам, Камбоджа, Таиланд, Бруней, Малайзия, Сингапур, Индонезия. Бул мамлекеттер ортосунда да Түштүк-Кытай деңизи үстүнөн көзөмөл орнотуу маселесинде келишпөөчүлүктөр бар, бул деңиздеги айрым аралдар туурасында о.э. Малакка кысыгы, эркин деңиз аракети жана балык улоо боюнча да келишпөөчүлүктөр турат.

– Кала берсе, бул регион Индия Океанына туташкан чекит болуп эсептелет. Индия Океаны түндүк жээктеринде Бирма, Бангладеш жана Индия орун алып, Араб деңизине жакын жайгашкан Пакистанга чейин уланып кетет. Араб деңизи болсо Индия Океанынын уландысы. Андан кийин Оман булуңу келип, Булуң регионуна жана түштүккө уланып кетет, Аден, кийин Баб-эль-Мандеб кысыгына жетип барып Кызыл деңизге туташып кетет, ал аркылуу Жер Ортолук деңизине өтөт.

– Азия-Тынч Океаны регионунда Индия Океанынын түндүк жээктерине кошумча түрдө дүйнөдөгү эң чоң тыгыз жайгашкан калк жана эң чоң тыгыз жайгашкан мусулман калк бар. Анткени, бул региондо дүйнө калкынын жарымына жакын жана мусулмандар санынын жарымына жакын калк отурукташкан.

2 – Бул деңиз жолдору кургактык жолдорунан көрө маанилүү эсептелет. Анткени, кемелерде эң көп жүк ташылышы мүмкүн, чыгашасы да азыраак болот, мамлекеттердин көзөмөлү астындагы кысыктар жана деңиз өтүү жолдорун эсепке албаганда мамлекеттердин чегараларынан алыста жайгашканы үчүн кемелер каттамы да оңой жүрөт. Ушул себептен улам, бүгүнкү күнгө чейин товарлардын 90%ы кемелерде деңиз жолдору аркылуу ташылып келүүдө, кургактыктагы жолдор, жүк ташуучу үлкөн машиналарды иштеп чыгаруучу өнөр жай жана аба транспорту да өнүккөнүнө карабастан жүктөрдүн 90%ы дагы эле деңиз жолдору аркылуу ташылууда. Кургактыктагы жолдор жана аба транспорту өнүккөн болсо да, бирок аларда ташуу кымбатка түшөт жана кемелерде ташылып жаткан жүктөр көлөмүнчө жүктөрдү алар аркылуу ташып болбойт. Мисалы, нефть түтүктөрү

линияларын жаткыруу өнүккөнүнө карабастан нефтинин 65%ы кемелерде деңиздер аркылуу ташылууда. Демек, Тынч Океаны чоң мааниге ээ, анткени ал Индия Океанына туташат, бул океан аркылуу болсо мына ушул мамлекеттерге Булуң регионунан жеткирилип бериле турган нефть жана газдын 75%ы өтөт. Бул региондун, айрыкча Кытай жана Индиянын нефтиге болгон муктаждыгы келерки он жылда эки эсе көтөрүлүп кетет. Ал жердеги Малакка кысыгы эки океан ортосундагы маанилүү өтүү жолу болуп эсептелет, ал Малайзия жарым аралы менен Индонезиянын Суматра аралы ортосунда 800 км. созулуп жатат жана ал аркылуу дүйнөлүк товарлардын 40%ы о.э. дүйнөлүк нефть жана газ соодасынын жарымы өтөт. Ошондуктан, ал Кытай жана Индияга карата товарларды Чыгыш жана Батышка алып өтүүнүн маанилүү жолу саналат. Демек, бул регион деңиз жолдору жайгашкандыгы жагынан абдан чоң мааниге ээ.

3 – Кала берсе, бул регион стратегиялык жактан да мааниге ээ. Ошондуктан, Кытай бул регион үстүнөн өз өкүмдарлыгын же көзөмөлүн орнотууга аракет кылып жатат. Анткени, Кытай бул регионду өзүнүн тарыхий жана географиялык региону деп эсептейт, кала берсе ал Кытайга карата стратегиялык жана экономикалык мааниге да ээ. Кытай регионалдык улуу мамлекет болгону үчүн бул регионго өз таасирин өткөрүүгө умтулууда. Бирок, ал бул регион үстүнөн өз көзөмөлүн орното албады. Анткени, бул регион дагы эле улуураак жана таасири күчтүүрөөк Америка өкүмдарлыгы жана көзөмөлү астында калууда. Америка бул регионго суук согушта маани берген, анткени ошол кезде Советтер Союзу Америкага коркунуч туудурган, себеби, Россиянын Тынч Океанынын түндүгүндө деңиз чегаралары бар. Ошондуктан, ошол доордо Америка бул региондо өзүнүн 600дөн көп аскерий кемесин сактап турчу. Суук согуш акырына жетип, коммунизм кулап, Советтер Союзу ыдырап кеткенден кийин жана анын коркунучу жоюлгандан кийин Америка өз аскерий кемелеринин санын жарымынан да көбүрөөккө азайтты, алардын саны 279 болуп калды, алардын саны 2008-жылга келип

285 аскерий кемеге жетти. Америка ушунча сандагы кеме менен чектелди, анткени анын бул региондо коркунуч сала турган эч бир атаандашчысы калбаган эле.

Мындан тышкары Американын Чыгыш-Кытай деңизинин жээктеринде жайгашкан Япония жана Түштүк Кореядагы аскерий базаларда туруктуу түрдө турган аскерий күчтөрү да бар о.э. Түштүк-Кытай деңизинин жээктеринде жайгашкан Филиппинде да ушундай күчтөрү бар. Американын бул региондо чейрек миллионго жакын аскери бар..., анын аскерий күчтөрү бул региондо өткөн кылымдын элүүнчү жылдарынан тартып туруктуу турат.

4 – Ирак жана Афганистандагы мусулмандар Америкага жеңилүү ызасын таттырды, бул жеңилүүнүн таасиринде анын эл аралык даражасына зыян жетти, 2008-жылы жарылган дүйнөлүк кризис да өз таасирини тийгизди. Мына ушундай шартта Кытай абалды баалап өз күчтөрүн көбөйтүү үчүн бул кырдаалдан пайдаланууга аракет кыла баштады. Кытай, эгер Америка бүтүндөй кулай турган болсо, же азыркыдан да күчтүүрөөк силкинүүгө кабылып өзүнүн бул региондогу таасирин сактап кала албай турган болуп калса, же мусулмандар аны бул региондон кууп чыгарса ушул региондо өз таасирин орнотмокчу болду.

Америка албетте Кытайдын улуу дүйнөлүк мамлекет эместигин, ошондуктан ал Американы дүйнөдөгү биринчи мамлекет деңгээлинен түшүрүүгө аракет кылбашын, бирок, ушуга карабастан Кытай бул региондо т.а. Азия-Тынч Океаны регионунда регионалдык улуу мамлекет экенин жакшы түшүнөт. Кытай болсо бул регионду өзүнүн региону деп эсептейт, бул регион ал үчүн экономикалык жана стратегиялык жактан чоң мааниге ээ. Ошондуктан, Кытай Чыгыш-Кытай деңизин толугу менен өз көзөмөлү астына алууга умтулууда. Мунун оңунан чыкса Япония менен Түштүк Корееяны о.э. өзүнүн таасири бар Түндүк Корееяны өзүнүн өкүмдарлыгына алат. Кытай Түштүк-Кытай деңизи үстүнөн да өкүмдар болууга умтулууда, буга жетишсе Филиппин, Вьетнам, Камбоджа, Лаос, Бруней, Малайзия,

Сингапур, Индонезияны өзүнүн таасири астына же өзүнүн өкүмдарлыгы астына алат. Мына ушундан кийин Малакка кысыгы үстүнөн өкүмдар болуп алат, бул кысык Кытай үчүн өмүр тамыры эсептелет. Эгер, Кытай бул регион үстүнөн өз көзөмөлүн же өкүмдарлыгын орното алса же аны өз өкүмдарлыгы астына киргизе алса, анда Кытай Индия Океаны регионуна да өз таасирин өткөрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп алат жана Американын бул региондогу таасирине олуттуу таризде коркунуч сала турган болот. Бул болсо, Америкага карата тагдырий маселе болуп, Америка буга - канчалык кымбатта түшпөсүн - эч качан жол бере албайт.

5 – Америка өзүн курчап турган Атлантика Океаны жана Тынч Океаны тарабындагы өз жерлерин коргоого маани берет. Азыр Америкага Атлантика Океанында дээрлик эч кандай коркунуч жок, анткени Европа мамлекеттери учурда Атлантика Океанында же Түштүк Америкада Америка менен атандашуу үчүн эч кандай олуттуу иш алып барбай жатат, Америка Европа тарабынан жакынкы келечекте Атлантика Океанында же Түштүк Америкада бирер олуттуу иш жүзүндөгү атандаш болушун күтпөй жатат. Ошондуктан, Америка азыр башка региондорго т.а. Тынч Океаны менен Индия Океанына жана ага туташып кеткен Араб деңизи, Булуң жана Баб-эль-Мандебге маани берүүдө. Ошондуктан, ал өзүнүн Атлантика Океанындагы күчтөрүн азайтып алардын Тынч Океанындагы санын көбөйттү. Панетта кеңири айтканкандай деңиз күчтөрүнүн 60%ы 2020-жылы Азия-Тынч Океаны регионунда болот, бул күчтөрдүн курамына 6 авианосец, көптөгөн крейсерлер, мина ташуучу кемелер, аскерий кемелер жана суу асты кемелери кирет. Панетта регион мамлекеттери менен Кытайдын ортосунда келишпөөчүлүктөр бар экенине ишарат кылып: «Кошмо Штаттардын позициясы анык, биз оор басырыктуу болууга жана чыр-чатакты дипломатиялык жол менен чечүүгө чакырабыз, биз провакациялык иш-аракеттерге, мажбурлоо жана күч колдонууга каршыбыз», - деди. Анын айтымында «Америка башка бирөөгө каршы эч бир тарапка жан тартпайт»

имиш (Америка агенттиги UPI, 2-июнь 2012-жыл). Бул агенттик «Президент Обама ноябрда Азия-Тынч Океаны региону Кошмо Штаттар үчүн биринчи даражадагы мааниге ээ экенин айтты» деп көрсөтүп өттү. Бул агенттиктин жазышынча «Америка бул регионго Кытай жана Индия дүйнөлүк экономикалык кубат катары көтөрүлүп жаткан шартта жана Америка күчтөрү Ирактан чыгып кеткенден кийин о.э. Америка күчтөрүнүн Афганистандан да чыгып кетиши жакындашып жатканына байланыштуу зор маани берүүдө».

Кала берсе, Американын Азия-Тынч Океаны регионунда өз аскерий деңиз күчтөрүн көбөйтүшү ал жерде келерки жылдарда өткөрө турган аскерий машыгуулар жана манёврлар көлөмүн көбөйтүү мүмкүнчүлүгүн берет. Америка өзүнүн деңиз күчтөрү бөлүктөрүн Тынч Океаны о.э. Индия Океанынын кең региондоруна жиберүүнү да пландаштырууда. Айтымдарга караганда «Америка куралдуу күчтөрү өткөн жылы бул региондогу 24 мамлекетте 172 аскерий машыгуу жана манёвр операцияларында катышкан» (BBC, 2-июнь 2012-жыл).

6 – Американын Азия-Тынч Океаны региону боюнча коргоо министри жарыя кылган аскерий стратегиясы президент Обама 2012-жылы 6-январда жарыялаган жаңы Америка аскерий стратегиясынын алкагында жүзөгө келди. Жаңы стратегияда негизги этибар үч негизги чекитке каратылган: Биринчиси: Европадагы Америка күчтөрүнүн санын азайтуу. Экинчиси: сапаттагы үстөмдүктү сактап калуу менен бирге аскерий чыгашаларын кемейтүү. Үчүнчүсү: Кытай кубатынын барган сайын күчөшүн токтотуу үчүн бүткүл этибарды Тынч Океаны регионуна каратуу о.э. Ортоңку Чыгыш жана Азия регионуна маани берүү. Америкага Европада эч кандай кооп-коркунуч жок болгондуктан, демек ал жерде чоң сандагы Америка аскерлеринин турушуна кажет жок, бул да аскерий чыгашаларды азайтуу алкагына кирет. Анткени, Америка дагы эле финансылык кризистин оордугу астында эзилип, андан чыгып кете албай жатат. Ошондуктан, келерки он жылда аскерий каражаттарды 1,2 триллион доллар көлөмүндө

кемейтүү жана Азия-Тынч Океаны регионундагы күчтөрүн көбөйтүү планын түзүү жолуна өттү.

Демек, Азия-Тынч Океаны регионундагы Америка күчтөрүн көбөйтүү негизинен Кытайга жана анын ушул региондогу Америка таасирине кооп туудура турган коркунучуна каршы каратылган.

Бирок, бул жерде Америка деңиз күчтөрүн аракетке келтирүүгө, алардын базаларын Тынч Океанында, Малакка кысыгынан тартып Индия Океаны, Араб деңизи, Булуң, Кызыл деңизине... чейин жайгаштырууга үндөп жаткан башка нерсе да бар. Т.а. бул нерсе Кытай жээктери жана анын деңиздерине гана чектелип калбайт... Аныгы, Америка бул региондо исламий кубат «Халифалык мамлекетинин» пайда болушун күтүп, ушуну эсепке алып жатат. Америка Кытайдын ачык-айкын көрүнүп турган кубатын жана күтүлүп жаткан Исламий мамлекеттин кубатын эсепке алууга мажбур болууда... Ошондуктан, ал исламий региондун жээктерин бойлото өзүнүн базаларын жана иш-аракеттерин көбөйтүүдө... Америка исламий дүйнөдө бир улуу исламий кубат пайда болушунун натыйжасында келерки жылдарда жана келерки он жылдыкта күтүлгөн өзгөрүүлөр божомолдорун иштеп чыгууда. Айрыкча, мусулмандар санынын жарымы Азия-Тынч Океаны регионунда жана Индия Океанынын түндүгүндө экенин эсепке алууда. Бул регион мусулмандардын Булуң, Ортоңку Чыгыш жана Африкадагы региондоруна туташып кетет. Бул регион Исламий мамлекет үчүн - Аллахтын уруксаты менен тикеленгенде - чоң стратегиялык мааниге ээ болот. Ушуну да эске сала кетүү керек, Исламий мамлекет өзүнүн туңгуч кылымдарынан тартып эле мына ушул регионго кирүүгө аракет кыла баштады, натыйжада бул регион бойлоп жакшылык жайылды, ал дээрлик исламий регион болуп калды. Бул абал Батыш колонизаторлору келип карасанатайлык уругун тарата баштаганга чейин созулду. Колонизаторлор бул регионду колонияга айлантууга жетишти жана анын үстүнөн үч кылымдан бери өкүмдарлык кылып келишти, Чыгыш тараптан мусулмандар

кайратын сындырышты, ошол эле учурда, Батыштагы мусулмандарга да каршы колонизаторлук согуштарын алып барышты жана фитналар уюштурушту. Бул абал колонизаторлор мусулмандардын мамлекетин, Халифалык мамлекетин жана исламий түзүмдү кулатканга чейин созулду... Азыр болсо бул колонизаторлор Халифалык мамлекетинин кайра тикеленишинен коркушууда... Халифалык - Аллахтын уруксаты менен - албетте дагы тикеленет. Эртеңки күн – күтүүчү үчүн жакын.

**5-ражаб, 1433-х.**

**5-июнь, 2012-м.**

## Американын Кытайга каршы Индия саясатына таасири

**Суроо:**

*Индияда 2014-жыл, 7-апрелде шайлоолор башталды. Шайлоолор 2014-жыл, 12-майга чейин уланат жана натыйжалары 2014-жыл, 16-май күнү жарыя кылынат. Бул шайлоолордо эки ири саясий уюм: Америка менен байланышкан Бхаратия Жаната партиясы жана анын союздашы о.э. англистерге малай болгон Конгресс партиясы өз ара атаандашууда. Конгресс партиясы 2004-жылдагы шайлоодо жеңип чыгып бийликке кайтып келгенден бери Британияга байланганы себептүү Америка менен алака кылууда суздук көрсөтүп келет. Бул партия Кытайга каршы турууда тынчсызданууу да билдирди... Суроо: Индиянын Кытайга каршы туруу саясатына Америка канчалык таасир өткөрө алат? Мунун Азия-Тынч Океаны туурасындагы Америка стратегиясына о.э. Американын Австралия жана Японияны бул карама-каршылыкка кирүүгө тукурууга кандай тиешеси бар? Конгресс партиясы же Жаната партиясы жеңишке жетишсе өкүмдар партиянын канчалык күчкө ээ болушуна карап бул саясат канчалык өзгөрөт? Индиянын Кытайга каршы турууга кудурети жетеби? Кытай менен Индия ортосундагы күчтөр таразасы кандай?*

**Жооп:**

Төмөнкү иштерди көрүп чыгуу менен бул суроолордун Жоопу анык болот:

1 – Америка Кытайды аны курчап турган мамлекеттер жардамында, Тынч Океандагы, айрыкча Чыгыш жана Түштүк Кытай деңизиндеги мамлекеттер жардамында кысымга алууга аракет кылууда. Америка ушундай максатта бир нече түрдөгү союздарга жана блокторго таянып иш кылууда жана ушул региондогу мамлекеттер менен алакаларын күчөтүүдө. Бул нерсе он жылдан ашыгыраак убакыт мурда, Америка Кытайды кысымга алуу саясаты акырына же канааттандырарлык даражага жетти деген пикирге келген убактан баштап олуттуу көрүнүштө башталды. Т.а. Америка Кытайды мындан ашык кысымга ала албады. Ошондуктан, Кытайды дүйнөлүк соода уюмуна киргизип ага жакындады, аны менен соода алакаларын күчөттү, Американын Кытай менен стратегиялык диалогу мурункудай назик болбой калды... Ошого карабастан, Кытай мына ошол саясат боюнча Америка сызган сызыкта айлана турган болбоду жана ал тургай, анын союздашына да айланбады. Америка Кытайдын маанилүү жана турмуштук региону, балким тагдыр чечүүчү маселеси болуп эсептелүүчү Түштүк Чыгыш Кытай деңизи региону үстүнөн көзөмөл орнотуу туурасындагы каалоолоруна чек коё албады. Кытай регионалдык улуу мамлекет катары өз вужудун, бүтүндүгүн жана эгемендүүлүгүн сактап калган мамлекет болуп кала берди. Кытай аскерий жана экономикалык кудуретин күчөтүүгө аракет кылууда. Ушунчалык даражада дейсиң, ал өзүнүн экономикалык кудуретинен пайдаларга ээ болуу үчүн эле эмес, балким кээ бир региондорго саясий таасир өткөрүү үчүн да пайдалана баштады. Кытай өз регионундагы таасирин күчөтүүгө аракет кылууда. Бул болсо Америка саясатына тескери келет же башкача айтканда Америка таасирин коркунучка кептейт. Кытай тагдыр чечүүчү маселеси деп эсептеген мына ушул региону үстүнөн өкүмдар болуу туурасында өзүнүн регионалдык каалоолору бар. Кытай өзүнүн жерлери созулуп баруучу кургактык менен эле чектелүүнү, экономикалык жактан бир

улуу мамлекет катары мына ушул жерлерде гана камалып калууну каалабайт... Америка да Кытай деңизин өзү үчүн бир маанилүү регион деп эсептейт. Себеби, Америка текебердиги себептүү эки Америка материги чегарасында камалып калган бир регионалдык мамлекет болуу менен чектелбейт, тескерисинче, ал дүйнөнү өзүнүн региону деп эсептейт! Ошондуктан да Америка өзүнүн эл аралык өкүмдарлыгын кеңейтүү максатында Кытайды өзүнүн регионунда кысымга алууда... Ошентип, демек Кытайга соода алакаларында жана стратегиялык диалогдордо жакындашып кысымга алуу саясаты Кытайды Америка сызган сызыкта жүрө турган кыла албады, аны ал тургай Америкага белгилүү мааниде союздаш да кыла албады. Тескерисинче, Кытайдын регионалдык саясаты Американын тынчын алууда жана ушундан келип чыгып айтуу мүмкүн болгондой, кысымга алуу саясатынын бир өзү пайда бербеди. Ошондуктан, Америка өзүнүн жаңы планын иштеп чыгууга киришти. Бул план Азия-Тынч Океанына тиешелүү. Бул саясат Американын деңиз күчтөрүнөн 60 %га жакынын ушул региондо топтошун талап кылат. Бул Кытайды өз регионундагы маселелер менен убара кылып коюу туурасындагы Америка жүргүзгөн Кытайды кысымга алуу саясатына кошумча болот... Америка өзүнүн бүтүндөй аракетин региондогу мамлекеттерди мына ушул кысымга алуу саясаты боюнча аракетке келтирүүгө каратты. Бул кысымга алуу туурасында күчтүү таасир өткөрүшү мүмкүн болгон мына ушул мамлекеттердин эң көрүнүктүүлөрү үчөө: Индия, Япония жана Австралия.

2 – Индия жөнүндө айта турган болсок, ал Кытай менен 3488 км. узундукта чектешет. Ал жерде мына ошол чегараларга тиешелүү эки мамлекет ортосунда чечилбей келе жаткан проблемалар бар. Ошондуктан, чейрек кылымдан бери сүйлөшүүлөр жүрүп келет. Бул сүйлөшүүлөрдүн акыркысы эки мамлекет ортосундагы чегараларды белгилеп чыгууга тиешелүү сүйлөшүүлөрдүн он төртүнчү раунду болду. Ошондон кийин бул сүйлөшүүлөр токтоп калды жана он бешинчи раунд өткөрүлбөдү. 2013-жылы

15-апрелде чатак чыгып, кытайлык аскерлер чегараны бузуп өтүп, Ладак регионундагы Индиянын жерлерине бастырып кирип, чатырларын орнотушту, бирок, үч аптадан кийин чыгып кетишти. Бул Кытай тарабынан Индияга өз «мускулдарын» көрсөтүү иш-чарасы болду. Бул аркылуу Кытай Индияга 1962-жылы октябрдагы сыяктуу чегараны бузуп өтүп Индия менен согушууга даяр экендигин билдирип коймокчу болду. Себеби, Кытай армиясы Аруначал-Прадеш регионуна чабуул кылып, Индия күчтөрүн кууп чыгарды. Мына ошол иш-чарадан бир айдан кийин Кытай күчтөрү индус жерлерине экинчи жолу чабуул кылып, 2000ге жакын индусту кырып таштады. Бул иш дагы деле чечилбей келе жатат жана «амалий көзөмөл сызыгы» деп аталууда. Ал эки мамлекет ортосундагы кагышуу чекити болуп, абалды тынымсыз курчутуп турат. Мындан тышкары, Кытай 1950-жылы басып алган Тибет региону проблемасынан келип чыккан келишпестик да бар. Тибет Индия менен чектеш. Ошондуктан, Индия бул проблеманы козгоодо Америкага шерик болууда, муну ушул региондогу буддисттерге жана алардын башчысы Далай Ламага демөөрчүлүк кылуу аркылуу ишке ашырууда. Индия Далай Ламага сүргүндөгү өкмөт катары борбордук Тибет мекемесин түзүп берди. Бул факторлордун бардыгы Индия менен Кытай ортосундагы келишпестикти тынчыбастан улана бере турган кылып коюуда...

3 – Америка Кытай менен Индия ортосундагы бул келишпестиктерден Индияны Кытайга каршы коюу үчүн, же эки мамлекет ортосундагы проблемаларды козгоп Кытайды ушул маселе менен убара кылып коюу үчүн пайдаланууга аракет кылды. Бирок, Индия Кытай менен кургактыкта карама-каршылыкка кирүүдөн коркот. Кытайдын Индиянын четки аймактарына кылган чабуулдары муну тастыктап турат. Ошого ылайык, демек Америка үчүн Индияны азгырып аны ар дайым Кытайдын тынчын алып турууга тукуруу жана Кытайды чегара проблемалары менен убара кылып коюу маанилүү болот, Америкага ушул нерсе керек... Ушундай максатта Америка Индия менен стратегиялык шериктик келишимин түздү,

эки мамлекет ортосунда ядролук кызматташтык келишими да түзүлдү... Кошмо Штаттар Индия менен бир нече экономикалык жана коопсуздукка тиешелүү келишимдерге да кол койду. Мисалы, 2005-жылы коргоо келишими түзүлдү, 2008-жылы болсо тынчтык максаттагы ядролук кызматташтык келишими түзүлдү. Булардын бардыгы эки мамлекет ортосундагы коопсуздук кызматташтыгын кеңейтет. Мунун натыйжасында бүгүнкү күндө бул эки мамлекет бир нече болуп көрбөгөндөй ортоктош аскерий манёврларга киришүүдө, өтө чоң өлчөмдөгү Америка курал-жарактарын Индияга сатуу да тынымсыз көбөйүп барууда... Индия армиясынын башкы штаб башчысы генерал Дипак Капур 2009-жылы декабрдын аягында: «Индия армиясы эки фронтто согушка кирүү үчүн даярдык көрүшү керек» деп айткан убакта Америка Индия менен болгон Чыгыш фронтто өз күчтөрүн азайтышы о.э. өз күчтөрүн Афганистанда жана уруулар региондорунда Америкага каршы жихад кылып жаткан мужахиддерге каршы согушуу максатында батыш фронтто топтошу үчүн Пакистанга басым өткөрдү. Булардын бардыгынан көздөлгөн максат, Индиянын бүтүндөй көңүлүн Кытай менен болгон түндүк фронтко каратуу болчу... Америка Индия менен соода көлөмүн көбөйтүүгө да аракет кылды. Ошондуктан, Американын Индияга экспортторунун көлөмү башка ар кандай мамлекетке салыштырмалуу акыркы беш жылда көбөйдү. Мисалы, Индия өнөржай бирикмесинин эсеп-китептерине ылайык, кызмат көрсөтүү боюнча эки тарап ортосундагы алака келечектеги алты жылда алтымыш миллиард доллардан 150 миллиард долларга көтөрүлүшү мүмкүн... Ошого карабастан, Индия Кытай менен кургактыкта күрөшкө кирүүдөн коркот. Кала берсе, Индиянын Америкага караганда көбүрөөк Британияга малай болгон Конгресс партиясынан шайланган акимдери Америка кызыкчылыктары үчүн Кытай менен уттура турган карама-каршылыкка кирүүгө даяр эмес!

4 – Америка Индия этибарын Тынч Океандагы чыгыш регионду көздөй, аныгыраагы Түштүк Кытай деңизин көздөй буруу жана Кытай менен

атаандаштыкка киришүүсү үчүн бул региондогу нефть жана газдан турган энергия булактары бар экендиги менен кызыктырып, аны өзүнүн Азия-Тынч Океаны стратегиясы алкагында Кытайга каршы коюу пикирине келди. Ошондой да болду. Себеби, Индия Вьетнам менен Спратли аралдары айланасындагы территорияда нефть жана газ издөө боюнча келишим түздү. Бул аралдар Вьетнам менен Кытай ортосунда талаш болгон жаңжалдуу аралдар болуп эсептелет. Мына ошондон кийин Кытай тышкы иштер министрлигинин өкүлү Лю Вэйминь мындай билдирүү берди: «Биз бирер-бир чет өлкөлүк күчтөрдү Түштүк Кытай деңизинде көрүүнү, чет өлкөлүк компаниялардын Кытай суверенитети, укугу жана кызыкчылыктарын тебелей турган иштерге аралашуусун каалабайбыз». (Шаркул Авсат 2011-жыл, 28-декабрь). Мындан бир аз мурда коммунисттик партиянын маалымат органы болгон элдик газета Индияны да, Вьетнамды да Кытайга каршы жоопкерчиликсиз аракеттерди ишке ашыргандыкта айыптаган эле. Америка болсо Индияны мына ушул регионду көздөй тукурууга аракеттенүүнү улантты. Себеби, Американын вице президенти Жозеф Байден Индияга сапар кылуунун алдынан Индия этибарын Тынч Океандын чыгышына каратууга чөйрө даярдоо максатында Вашингтондо билдирүүлөрдү берип: «Индия тынчтык жана өнүгүүнүн бир кубаты катары барган сайын чыгышты көздөй көбүрөөк умтулууда, бизге карата мындай кабар алкыштообузга татыктуу», - деди. Ал дагы: «Биз Индиянын бул регионго кирип барышын алкыштайбыз, анын бул региондо кургактык жана деңиздеги соода жана транспорт тармагында жаңы алакаларды өнүктүрүү максаты көздөлгөн аракеттерин алкыштайбыз», - деди. (IIP Digital 2013-жыл, 23-июль). «Мындан бир ай мурда т.а. 2013-жыл, 24-июнда Керри өзүнүн индиялык кесиптеши Шри Салман Хуршид менен Нью-Делиде жолугушту жана экөө Кошмо Штаттар менен Индия ортосундагы стратегиялык диалогдун төртүнчү раундуна биргеликте төрагалык кылышты. Экөө Азия-Тынч Океаны о.э. Индия Океанындагы тынчтык жана туруктуулук туурасында ортоктош көз караште

экендиктерин дагы бир жолу баса белгилешти. Экөө регионалдык алакаларды күчөтүүнү ар дайым колдоп-кубаттай тургандыктарын жана деңиздеги тынчтык маанилүү экендигин дагы бир жолу баса белгилешти...». (IIP Digital 2013-жыл, 24-июнь). Булардын бардыгы Америка Индияны Тынч Океанындагы чыгышка, аныгыраагы Түштүк Кытай деңизине этибар каратууга тукурууга катуу маани берип жатканына далалат кылууда... Ошого карабастан, Америка өзүнүн Азия-Тынч Океанына тиешелүү жаңы планын иштеп чыгып, Индияны чыгышты көздөй тукургандан кийин өткөн эки жылдын ичинде Америка талабына Индия жетиштүү жооп берген жок. Бул нерсе Британияга малай Конгресс партиясы саясатына тиешелүү себептерге о.э. Индиянын Кытайга каршы туруудан коркуп жатканына барып такалат...

5 – Австралия жөнүндө айта турган болсок, Америка өзү сызган сызыкта айланып жаткан Австралия ролун күчөтүүгө жана өзүнүн Азия-Тынч Океанына тиешелүү планы алкагында Кытайга каршы туруу үчүн Австралия менен экономикалык жана коопсуздук тармагында кызматташтыкты күчөтүүгө аракет кыла баштады. Ушундай максатта эң жогорку мансаптагы америкалык жооптуулар аракетке түшүштү. Айрыкча, мурдагы тышкы иштер министри Хиллари Клинтон, мурдагы коргоо министри Леон Панетта, башкы штаб башчысы Мартин Демпси Австралиянын Перт шаарында австралиялык кесиптештери менен жолугушту. Клинтон ошол күнү Перт шаарындагы батыш Австралия университетинде Америка-Азия борбору ачылышы ырасымында мындай деди: «Австралия эки улуу океан: Тынч Океаны жана Индия Океаны ортосундагы стратегиялык кесилиш чекитин түзөт. Бул эки океан активдүү соода эшиктери жана дүйнөнүн бардык тараптарын көздөй агуучу энергия продукциялары жеткирип берүүнүн кесилиши болуп эсептелет». Ал дагы: «Австралияда чет өлкөлүк инвестициялардын бул даражада көтүрүлүшү күтүлбөгөн абал эмес. Бул инвестициялар арасында Кошмо Штаттардан келген 100 миллиард доллардан ашык каражаттар да бар. Себеби, бул суулар

барган сайын дүйнөлүк экономиканын так борборунда болуп калууда жана Американын бул регионго кененирээк кирип келиши үчүн негизги борбордук чекитти түзүүдө. Ошондуктан, биз аны кээде биздин Азиядагы огубуз деп атайбыз», - деди. Клинтон дагы: «Кошмо Штаттар Азия жана Тынч Океаны регионун эч качан этибардан четте калтырбаган. Кошмо Штаттар Тынч Океанда дагы деле бир күч болуп калууда, ал бул жерде калуу үчүн турат», - деди. Ал кошумчалап: «Кошмо Штаттардын Азия, Тынч Океан жана Индия Океаны менен Тынч Океаны ортосунда жайгашкан региондор жөнүндө пикир жүргүзүү ыкмасы Австралия жана Кошмо Штаттар келечеги үчүн чечүүчү болот», - деди. (IIP Digital 2012-жыл, 15-декабрь). Клинтон мына ошол борбордо Американын Индияга болгон көз карашы жана андан эмнени каалашы жөнүндө да сүйлөп: «Кошмо Штаттардын негизги стратегиялык иштеринин бири Индиянын чыгышка этибарды каратууга тиешелүү саясатын колдоп-кубаттоо жана Нью-Делини Азия мекемелеринде жана иштеринде чоңураак рол ойноого кызыктыруу», - деди. Ал дагы: «Кошмо Штаттар келечекте Австралия жана Индия ортосунда ортоктош деңиз манёврлары болушун алкыштайт. Кошмо Штаттар 2013-жылы Австралия төрагалык кыла турган Индия Океаны каршысында жайгашкан мамлекеттердин регионалдык кызматташтыгы союзу менен тең иш алып барууга кызыкдар. Кошмо Штаттар ага диалогдогу бир шерик катары кошулду», - деди. (Жогорудагы булак). Бул пикирлер Американын бул регионго тиешелүү пикирлөө ыкмасына далалат кылып турат. Демек, Америка Австралияны Кытайдын бул региондогу аракеттенишине тосук коюуда күчтүү бир жардамчы катары ишке салмакчы жана бул Американын өз максаттарына Кытайга кургактыкта кошуна болгон Индия аркылуу жетише албаганын о.э. Американын Австралияны Түштүк Кытай деңизи сууларында Индия менен шерик кылмакчы болуп жатканына далалат кылат. Себеби, Австралия Америка саясатын ишке ашырууга Индияга караганда жакыныраак. Себеби, ал капитализмди негиз кылып алган жана ар кандай капиталисттик Батыш

мамлекети сыяктуу колонизатор болууга умтула турган Батыш мамлекети болуп эсептелет. Ошондуктан да Австралия колонизатордук баскындарында илгери Британияга шерик болгону сыяктуу эле Америкага да шерик болду жана бүгүнкү күндө да ушул эки колонизаторго шерик болуп келе жатат. Себеби, ал ушул эки мамлекет сызган сызык боюнча айланат...

6 – Японияга келсек, Америка өзүнүн Япониядагы күчтөрүн күчөтүүгө жана Кытайга каршы регионду коргоодо чоңураак ролду берүүгө аракет кылууда. Себеби, Америка 2014-жылы 6-апрелде ракета менен куралданган кошумча коргоо кемелерин Японияга жибере тургандыгын жарыя кылды. Америка коргоо министри Чак Хейгел берген интервьюда төмөнкүлөр келди: «Кошмо Штаттар 2017-жыл кирип келиши менен Японияга ракеталык коргоо системасы менен камсыздалган мина ташуучу эки кошумча кемени жиберет. Бул кадам жаңы ядролук сыноолор түркүмүн өткөрүү менен коркуткан Түндүк Корея тарабынан боло турган арамзалыкка каршы жооп катары ташталат». Ал Кытайды өзүнүн ири күчтөрүн ишке салуунун жаман акыбеттеринен эскертип мындай деди: «Улуу мамлекеттер мажбурлоо жана коркутууну ишке салбашы керек. Себеби, бул нерсе күрөштөрдү келтирип чыгарышы мүмкүн». Хейгел өзүнүн «Кытай менен анын аскерий күчтөрүн ишке салышы жөнүндө жана айкындуулук үндөө жөнүндө сүйлөшүүлөр алып барууну каалай тургандыгын» айтты (Рейтер 2014-жыл, 6-апрель). Хейгел Россиянын Крымда кылган ишин көрсөтүп өттү. Ал муну Япония менен Кытай ортосундагы талаштуу аралдарда кудум ушундай ишти кылган Кытайды эскертүү үчүн көрсөтүп өтүп: «Сен чегараларды кайрадан сызып чыга албайсың, мамлекеттердин жерлерин жана суверенитетин күч, же зордук, же коркутуу менен буза албайсың. Бул Тынч Океандагы бир кичинекей аралдарда болобу же Европадагы чоң мамлекеттерде болобу, мунун айырмасы жок», - деди. Хейгел дагы: «Мен кытайлыктар менен сүйлөшө турган дагы бир нерсе, алардын өз кошуналарын урмат кылышы керектиги жөнүндө, мажбурлоо жана коркутуу

күрөшкө гана алып бара турган өтө жаман нерсе», - деди. Америка министри өткөн апта Түштүк Чыгыш Азия мамлекеттеринин коргоо министрлери менен жолугушуп, Американын Түштүк Кытай деңизи туурасында барган сайын көбүрөөк тынчсызданып жатканынан эскерткен эле. (Жогорудагы булак). Япониянын Kyodo News маалымат агенттиги 2014-жыл, 5-апрелде мындай деп жазды: «Америка коргоо министри жана Япония коргоо министри Ицунори Онодэранын Япониянын япон конституциясына өзгөртүү киргизүү аркылуу өзүн коргошуна жол ачуу маселесин талкуулашуусу күтүлүүдө. Мындан тышкары, Онодэра Америка коргоо министри менен боло турган жолугушуусу маалында курал-жарактар жана коргоо техникалык жабдыктар жеткирип берилиши маселесин да талкуулашат. Эки тарап коргоо техникалык жабдыктары тармагында кызматташтыкты күчөтүүгө тиешелүү бир келишимге жетишүүсү да мүмкүн». Т.а. Америка Кытайга каршы Японияга бул регионду коргоо ролун берип, өзүнөн жүктү жеңилдетмекчи жана япондордун улуттук туйгуларын кытыгыламакчы. Себеби, япондор өздөрүн коргоого аракет кыла турган жана Америкадан өз алдынча болгон өздөрүнүн күч-кубаттары болушуна умтулушууда.

7 – Эми Америка саясатынын Азия-Тынч Океанына тиешелүү Америка планы туурасында Конгресс партиясынын же Жаната партиясынын жеңиши менен таасирлениши жөнүндө айта турган болсок, бул саясат эч күмөнсүз таасирленет. Себеби, Конгресс партиясы англистерге эскиден малай болуп келет. Бул партияда саясий айлакердик бар. Ал бул айлакердикти өзүнүн кары кожоюну Британиядан мурас кылып алган. Ошондуктан, демек ал Американы тынчсыздандырат. Ошол эле убакта бул партия кудум Британия сыяктуу Америкага сүйкөнүп аны менен кээ бир аскерий келишимдерди түзөт жана соода алакаларын орнотот. Бирок, ал Америкага саясий алакаларда жана стратегиялык маселелерде проблема пайда кылат. Мисалы, Конгресс партиясы 2004-жылы жеңишке жетишкен шайлоо кампаниясы чагында бир билдирүүнү иштеп чыгып, анда өзүнүн

Америкага болгон көз карашын анык баяндады т.а. өзүнөн мурда бийликте болгон Жаната партиясынын саясатын сындады. Ошол билдирүүдө төмөнкүлөр келген: «Индия сыяктуу бир улуу мамлекеттин АКШга көз каранды алакада болуу даражасына түшүп калышы өтө аянычтуу. Себеби, АКШ өкмөтү Индиянын көз карандылыгын далил талап кылбас (кепилденген) акыйкаттардын бири деп эсептейт. Бул болсо, Жаната өкмөттөрүнүн негизги милдеттерди жана саясаттарды АКШ менен ылайыкташтырууга даяр болушуна алып келди. Мында Индиянын өзүнө таандык тагдыр чечүүчү тышкы саясатына жана анын улуттук коопсуздук кызыкчылыктарына татыктуу даражада маани берилбеди». Бул билдирүүнүн Американы канчалык тынчсыздандырышы анда анык көрүнүп турат. Ошого карабастан, стратегиялык диалог үзүлбөдү, балким 2010-жылы июнда кайрадан тикеленди. Бул диалог 2004-жылы Буштун президенттик доорунда башталган эле. Диалог маегинде Америка делегациясынын башчысы тышкы иштер министри Хиллари Клинтон Индияга «Муктаж болуучу шерик жана ишенимдүү дос» деп баа берди. Ошондуктан, демек Америкага малай Жаната партиясы кулагандан кийин бийликке Конгресс партиясынын келишинен баштап Индиянын Американын Кытайга каршы планын аткаруу боюнча жүрүшү кыйын болуп калат, эгерде Америка Индияга – бир аз мурда айтып өткөнүбүздөй – кызыктыруучу көп нерселерди убада кылса гана Индия Америка планы боюнча аракет кылышы мүмкүн. Ошого карабастан, Индия жаңы болбогон, балким Жаната партиясы доорунда болгон шарт-абалдарды аргумент кылып мындан баш тартып келүүдө. Маалымат үчүн айта кетебиз, Британия Конгресс партиясын өзүнө толук салттуу малайлык кыла турган партияга айландырып ага өзүнүн чыгып кетишинен баштап бийликти тапшырган, бул партия бийликтен бүтүндөй алыстабаган, болгону 1998-жылдан 2004-жылга чейинки кыска убакытта гана алыстаган, себеби, ошондо Америкага малай Жаната партиясы жеңишке жетишкен эле, мына

ошондон кийин 2004-2009-жылдардагы шайлоолордо Конгресс партиясы жеңишке жетишти.

Эми 2014-жыл, 7-апрелде башталган учурдагы шайлоолор жөнүндө айта турган болсок, алардын натыйжалары 2014-жыл, 16 майда жарыя кылынат. Кээ бир сурамжылоо жүргүзүүчү мекемелердин айтышынча, сурамжылоо натыйжалары Бхаратия Жаната партиясынын жана анын союздаштарынын бул шайлоолордо жеңип чыгышы күтүлгөндүгүн кабар берүүдө. Ошондуктан, эгерде сурамжылоолор боюнча божомолдор жана Индиядагы шайлоолор жөнүндөгү пикирлерди күзөтүп баруучу мекемелердин божомолдору туура болуп чыкса, Жаната партиясы бир өзү өкмөт түзө алышы үчүн көпчүлүк добуш менен жеңишке жетишсе (мындай болушу ыктымалдан бир топ алыс) же бул партия жетишкен натыйжалар ал өзүнүн шарттарын түзүлүүчү ар кандай өкмөткө өткөрө ала турган даражада салмактуу болсо, эгерде иш ушундай болсо, анда Индия аркылуу Кытайга басым өткөрүү саясатын жүргүзүү Америка үчүн Конгресс партиясы доорундагыга караганда бир нече эсеге жеңил болуп калат, балким өзүнө малай болгон Жаната партиясынын тушунда болгону сыяктуу Америка үчүн өз саясатын ишке ашыруу оңой болуп калат. Себеби, мындан мурда Конгресс партиясынын ондогон жылдарга уланган өкүмдарлыгынан кийин Жаната партиясы бийликке келген убакта Америка жеңилдей түшкөн эле. 2004-жылы Конгресс партиясы бийликке келген убакта болсо Американын Индиядагы саясатына каршы ттынчсыздануу жаратуу саясаты башталды, балким Конгресс партиясы Америкага анын саясатында жардам берүү кадамын таштоодон мурда өз кызыкчылыгы үчүн андан келишимдерди алуу үчүн Америкага айлакердик менен кошоматчылык кылган эле.

8 – Эми Кытай менен Индияны бири-бирине салыштыра турган болсок, тараза ташы Кытайдын пайдасына басышы анык. Бул төмөнкү бир нече жактан ушундай:

Себеби, Кытай мейли ал өз мабдасын көтөрүп чыкпай жаткан, тышкы саясатта, экономикалык жана финансылык саясатта бул мабдадан баш таркан о.э. турмуштун көптөгөн тармактарында мабдадан баш тарткан болсо да, бирок, Кытай бул мабданы бийликте коммунисттик партиянын аты менен сактап калды. Бул партияга ээрчигендердин кызыкчылыктарын о.э. мамлекет бүтүндүгүн жана эгемендүүлүгүн сактап калуу үчүн ушундай кылды. Булардын бардыгы Кытайдын өз каалоосу менен эркин аракет кылышына алып келди, анда көз каранды мамлекетке же бирер ири мамлекет сызган сызык бойлоп айлана турган мамлекетке айланып калуудан сактай турган иммунитетти пайда кылды, аны дүйнөдөгү бир улуу мамлекетке айланууну арзуу кыла турган мамлекетке айландырды. Улуттук коргоо университетинин профессору полковник Лео Минжу – ал жаш офицерлерди машыгуудан өткөрөт – муну өзүнүн «Кытай арзуусу» деген аталыштагы китебинде сүрөттөп берген. Ал ошол китебинде өзүнүн мамлекети Кытайды дүйнөдөгү эң күчтүү армияга ээ болууга жана дүйнөнүн чоңу Американы кулатып таштоо үчүн тездик менен аракет кылууга чакырган. Ал Кытайды бүткүл дүйнөлүк максаттарга тиешелүү нерселерде жупунулуктан баш тартууга жана дүйнөдө биринчи орундагы мамлекетке айлануу үчүн секирик жасоого чакырган. Ал «Кытай эгерде жыйырма биринчи кылымда дүйнөдө биринчи орунда тура турган мамлекетке айланууга жана дүйнөдөгү эң жогорку кубат болууга жетише албаса, анда Кытайдын бир четтеги мамлекетке айланып калышы анык...» деп кошумча кылган. Демек, Кытайда кубатты жана коркутуучу чакырыкты сезүү бар. Ошондуктан, эгерде Кытай өз регионун сактап калуу менен гана чектелбегенде, өзүнүн регионун көздөй Американын көз артып аракеттенишине жооп иретинде Америкага каршы туруу менен гана чектелип калбаганда (ошондуктан да Кытай Американы анын өзүнүн региондорунда жана анын таасири региондорунда кыйын абалга кептеп туруксуз кылууга чыкпай жатат)... эгерде Кытай көп тармактарда, айрыкча экономикалык тармакта капитализмди кабыл ала баштабаганда...

эгерде мына ушулар болбогондо, анда Кытайдын эл аралык майдандагы добушу албетте эң бийик болуп, анын Америка кызыкчылыктарына таасири эң күчтүү болот эле... Кандай болбосун, Кытайда кубатты сезүү бар, ошондуктан да ал өз вужудунун – мейли өз регионунда болсо да – өз каалоо-ыктыяры менен эркин аракет кылышын сактап калууга аракет кылууда...

Индияда болсо эч бир мабда жок, ал мабдадан келип чыккан пикирлерге ээ эмес. Тескерисинче, ага капитализм мабдасы колдонулууда, анын Батышка, айрыкча Британияга көз каранды болуп кала беришин кепилдөө үчүн ага капитализм колдонулууда. Максат, аны ойготуу жана бир эгемендүү мамлекетке айландыруу эмес. Демек, ал да региондогу башка көз каранды мамлекеттер сыяктуу. Себеби, ага колонизатор капитализм түзүмүн күч менен зордоп тыгыштырган жана дагы деле тыгыштырып келе жатат. Ошондуктан, демек ал өз алдынча алдыга умтула албайт, анда күч, тездик, аң-сезим жана эгемендүү план менен алдыга умтулууга үндөөчү фактор жок. Ошондуктан, ал көз каранды мамлекет бойдон қалып кетүүдө жана ал өз саясатында эгемендүү эмес. Индиянын саясий майданда суздук менен аракет кылышы күзөтүлүүдө, ал ар дайым таасир астында, таасир кылуучу да, демилге көтөрүп чыгуучу да эмес. Мунун натыйжасында ал өзүнүн биринчи кожоюну Британиянын же өзүнө ченгелин созуп жаткан Американын таасири астына түшүп калууда. Себеби, Америка Индияда өзүнө көз каранды болгон саясий күчтөрдү пайда кылууга жетишти. Ошондуктан, демек Индия Кытайдан мына ушул жактан айырмаланат. Ал пикирий жактан артта калган, белгилүү бир пикирий коидалардын тартип-үлгүсүнө түшпөгөн. Ошондуктан, саясий майданда иш алып барып жаткандар эч кандай негиз менен тартипке түшпөгөн. Ошондуктан да финансылык жана саясий коррупция бардык саясатчыларды өз агымына тартып алган. Мунун натыйжасында Индиянын бир улуу мамлекетке, ал тургай регионалдык улуу мамлекетке айланышы да кыйын. Ал келечекте башка бирер улуу

мамлекеттин, Америка же Британиянын же бир эле убакта экөөнүн сызган сызыгы менен аракеттене турган мамлекетке айланышы мүмкүн.

Бул саясий тараптан ушундай. Ал эми экономикалык тараптан ала турган болсок, Кытай экономикасы Индия экономикасынан төрт эсеге артыкчылык кылат. Кытай өзүндөгү жакырчылык даражасын азайтууга жетишкен бир убакта дүйнөдөгү кембагалдардын 66 %ы Индияга туура келет. Ошондуктан, Индия экономикалык жактан Кытай менен атаандаша албайт. Себеби, Кытай өнөржай секторун өтө өнүктүрүп жиберди. Бул болсо, валютанын өтө чоң запастарына ээ болуп алууга алып барды, бул запастар анын дүйнөлүк экономикага таасир көрсөтө алышына мүмкүнчүлүк жаратты. Индиядагы өнөржай болсо продукция иштеп чыгарууда жана өнөржайды өнүктүрүүдө Кытайдын даражасынан алыста калып кетүүдө. Айрыкча оор өнөржай станоктору жана заманбап технология тармагында Индия ушундай аксап жатат. Бул Индиянын ушул иштерден баш тарткандыгын түшүндүрбөйт, балким анын Кытай даражасынан артта калганын түшүндүрөт...

Эми аскерий тараптан ала турган болсок, Кытайдын расмий аскерий бюджети 119 миллиард долларга жетти, бул болсо, Индиянын 38 миллиард долларга жеткен коргоо бюджетинен үч эседен да көптүк кылат. Кытай куралдуу күчтөрүн заманбап абалга келтирүүдө маанилүү утуштарга жетишти. Мисалы, ал учурда өзүнүн атайын арсеналдарын (кемелер, танктар жана самолёттор сыяктуу өтө чоң аскерий жарак-жабдыктар өнөржайы арсеналдарын) куруп, өз флотун кеңейтүүдө. Кытай өз региону үстүнөн көзөмөл орнотуу үчүн активдүү кадамдарды таштап жатат. Бирок, Индия жакында бир нече проблемалардан кыйналып келе жаткан аскерий модернизация программасын каражат менен камсыздоо үчүн өз кудуретин өнүктүрүүгө киришти. Индия дүйнөдө аскерий жарак-жабдыктарды эң көп импорт кылуучу мамлекеттердин бири болуп калууда. Өзүнүн аскерий кудуретин өнүктүрүү үчүн эки он жылдыктын ичинде күч жумшаганына

карабастан, Индия салмактуу баага ээ болгон бирер арсеналды өнүктүрүүгө жетише албады. Стокгольмдогу дүйнөдө тынчтык изилдөөлөрү институтунун изилдөөчүсү Питер Ди Вайсман мындай деди: «Мен бул жерде дүйнөдө Индия сыяктуу курал-жарак иштеп чыгарууга олуттуу аракеттенген жана бүтүндөй ийгиликсиздикке учураган башка бирер мамлекет бар деп билбеймин». (Дүйнөдөгү эң чоң курал-жарак импорт кылуучу, Индиянын жергиликтүү продукцияны сатып алуу туурасындагы каалоосу, Нью-Йорк Таймс, 2014-ж. март айы).

Ошентип, демек Кытай менен Индия бири-бирине салыштырылса Кытай тарабы Индияныкына караганда бир нече эсеге оордук кылат...

9 – Тыянак: Америка Индиянын Пакистан менен болгон Батыш фронттон кадыржам болушун камсыздагандан кийин, Кытай менен күрөшүү үчүн Индияны түндүк фронтту көздөй жолдоого аракет кылды. Себеби, Пакистандын Америкага малай акимдери Индия пайдасына – Америкага малай Бхаратия Жаната партиясы өкүмдарлыгы маалында – өтө чоң чегинүүлөргө барышты. Конгресс партиясы бийликке кайтып келгенден кийин амалий көзөмөл сызыгы деген ат берилген бул фронт (түндүк фронт) бойлоп аракет кылууда артка чегинүүнү көрсөтүштү. Буга себеп, Индиянын Кытай менен карама-каршылыкка кирүүдөн корккондугу жана анын акыркы коркутуусу болчу. Кала берсе, мунун дагы бир себеби, бул партия англистерге малай экендиги. Англистер болсо Индиянын Америка пландары бойлоп аракет кылышын макулдашпайт. Америка Индияны чыгышты көздөй багыт деп аталган нерсени көздөй жолдоого т.а. Тынч Океаны регионун көздөй, аныкыраагы Түштүк Кытай деңизин көздөй жолдоого аракет кылды. Америка Индияны бул региондо нефть жана газдан турган энергия булактары бар экендиги менен, андан өз үлүшүн алууга акысы бар экендиги менен азгырып кызыктырды жана аны Вьетнам менен кызматташууга мажбур кылды. Себеби, Вьетнам бул региондо өзүнүн акысы бар экендигин дааба кылууда жана ал жердеги Спратли аралдары туурасында Кытай менен

чатакташууда... Америка Австралияны да Кытайга каршы тукурду, Кытайга каршы бир нече мамлекеттерден турган бир блокту түзүүгө аракеттенип Австралияны да өзү тарапка тартууга аракет кылды... Америка өзүнүн мойнундагы коргоого кетүүчү каражаттар жүгүн жеңилдетүү үчүн Японияга активдүүрөөк ролду берүүгө да аракет кылууда. Ошондуктан, эгерде Бхаратия Жаната партиясы учурда болуп жаткан шайлоолордо жеңип чыгып дагы бийликке келсе Индия Чыгыш региондо т.а. Түштүк Кытай деңизинде Америка тарабында туруп иш-аракетин күчөтүшү ыктымал. Кытай кудурети менен Индия кудуретин бири-бирине салыштырылса бул жерде Кытай пайдасына боло турган өтө чоң айырма бар. Себеби, Кытайдын кудурети Индиянықынан бир нече эсеге артыкчылык кылат... Ошондуктан, эгерде Кытай өз регионун сактап калуу менен гана чектелбегенде, өзүнүн регионун көздөй Американын көз артып аракеттенишине каршы жооп катары Америкага каршы туруу менен чектелип калбаганда (ошондуктан да Кытай Американы анын региондорунда жана таасири региондорунда кыйын абалга кептеп туруксуз кылууга чыкпай жатат)... эгерде Кытай көп тармактарда, айрыкча экономикалык тармакта капитализмди кабыл ала баштабаганда... эгерде мына ушулар болбогондо, анда Кытайдын эл аралык майдандагы добушу албетте эң бийик болуп, анын Америка кызыкчылыктарына таасири эң күчтүү болот эле...

**12-жумадус-саний, 1435-х.**

**12-апрель, 2014-м.**

## Кытай менен Америка ортосундагы соода келишими тууралуу

**Суроо:**

*Америка мамбашы Трамп Кытай менен боло турган соода келишиминин биринчи этабына «бир аз убакыттан кийин», 15-январдан кийин кол коюлушу мүмкүндүгүн айтты. Бул дата, өткөн айда кол коюлат деген дата болчу. Трамп дагы кошумчалап: «Дүйнөдөгү эки үлкөн экономика ортосунда*

*бир топ айлардан бери үзгүлтүксүз жүрүп жаткан соода согушунун натыйжасында дүйнөлүк базарларда олку-солку жүз берип жаткан соода согушун аягына чыгаруу максатында президенттик шайлоодон кийин Кытай менен экинчи этаптагы соода келишимин аягына чыгарууну ойлоп жатам», - деди. (Бавабату Айн, 10.01.20). Кытайдын соода министри муну расмий түрдө тастыктады: «Вице-премьер Лю соода келишиминин биринчи этабына кол коюу үчүн Вашингтонго барат. Бул, кол коюу үчүн Кытай тарабынан расмий түрдө чыккан биринчи билдирүү болуп саналат. Мурдараак Трамп келишимге кол коюлгандан кийин экинчи этапты баштоо максатында сүйлөшүүлөрдү баштоо үчүн Пекинге барарын айткан. (Captain, 10.01.20). Ошондуктан, бул нерселер Америка менен Кытай ортосундагы соода согушун аягына чыгарын билдиреби?*

**Жооп:**

Бул суроолорго жооп берүү жана Америка менен Кытай ортосундагы соода согушунун түпкү маңызын билүү үчүн төмөнкү нерселерге назар салып чыгуу керек:

Биринчиден: маселенин арткы жагы:

1. Американын Кытай жаатына карата жүргүзүп жаткан саясатына назар салынса, Америка Евразия аймагында үстөм болууга ар дайыма аракет кылып келгендиги көрүнөт, ошондой эле, Кытай ага атаандаш болуусуна жол бербөө үчүн аракет кылып келет. Анткени, Евразия Америка үчүн маанилүү аймак болуп эсептелет, ошол себебден улам, Америка бул аймакта өз кожоюндугун кепилдөө максатында бул аймакка карата күчтүү тышкы саясатты ишке салган. Американын бул аймакка карата ишке салган күчтүү тышкы саясаты 1991-жылы СССР кулагандан тартып азыркы күнгө чейин Америка институттарынын кызыкчылыгына кызмат кылып келет. Американын Кытайга карата саясатын иштеп чыгууда Американын саясий чөйрөсү эки негизги бөлүккө бөлүнгөн:

Биринчи: Америка жетектеп жаткан эл аралык түзүмгө Кытай да жооптуу катышуучу болуп, биргеликте кызматташтыкта же шериктеш иш алып баруу керектиги тууралуу ойлогондор.

Экинчи: Кытайга ишенүү мүмкүн эмес экендигин, ал Америка жана Батыш жетектеп жаткан эл аралык түзүмгө каршы турган күчтүү атаандаш экендигин айткандар. 1990-жылдары Америкадагы саясий институттар Кытайды атаандаш күч катары санаган саясатты иштеп чыккан жана Кытайдын өсүүсүн оодуктай турган саясатты таббаний (токтом) кылган. Демократ Клинтон жана Обама учурунда Кытайга карата ооздуктоо саясаты алып барылды. Республикачыл кичүү Буштун жана Трамптын учурунда Кытайга карата көбүрөөк душмандык кыр көргөзгөн негизде саясат алып барылды. Трамп Кытайга карата ачык түрдө соода согушун алып барып, аны мобилдештирди. (Financial Times).

2. Американын Кытайды ооздуктоо саясаты негизги эки максат үчүн ишке салынган: биринчи, Кытайдын жергиликтүү негизги күч (держава) катары чыга келишин алдын алуу. Экинчи, Батышта калыптанган эл аралык түзүмдүн кайсы бир тарабына доо кетишине жол бербөө. Бул максаттарды ишке ашыруу үчүн Америка бир нече тандоолорду ишке салды. Алардын ичинен: Чыгыш Түркстанда, Тибетте жана Гонконгдо адам укуктарынын бузулушу тууралуу Кытайга карата козутуу иштерин алып баруу... Кытайды Түндүк Корея өзөктүк кризиси жана Түштүк Кытай деңизи аймагындагы жаңжалдар менен байлап койуу... Кытайдын Азия, Тынч океан аймагында аскерий жактан өсүү дымагына чек койуу үчүн Индияны, Жапонияны жана Австралияны пайдалануу. Кытайдын заманбап технологияга жетүүсүнө тоскоолдуктарды жаратуу. Кытайдын «жол куру» демилгесинен кайтаруу... Америка саясий институттары Кытайдын ири держава катары чыга келе турган дымагын ооздуктоо үчүн иштеп чыккан саясатына карата анча-мынча өзгөрүүлөрдү киргизүү менен аны лаазым тутту. Бирок, ошону менен бирге эле Америкадагы 2008-жылдагы финансылык кризис, Ирак, Ооганстандагы

Американын каргашалуу согушу негизинде Америка Кытайга карата ооздуктоо саясатын алып баруу жетиштүү эместигин түшүндү жана аны күчөтүүгө токтом кылды... Обаманын «Азия стратегиясы» аталышындагы стратегиянын максаты – аскерий жабдыктарды жана аскерлерди Кытайдын аскерий мүмкүнчүлүктөрүнө каршы туруу үчүн Европадан Азия жана Тынч океан аймагына көчүрүү. Кийин Трамп Кытайдын экономикасын түздөн-түз бутага ала баштады. Трамп админстрациясы Кытайды «валюта манипулятору» катары сыпаттады жана Пекинге каршы соода согушун ишке салды. Бул нерсе эл аралык эрежелерге негизделген эл аралык түзүмдө Кытайды ооздуктоо аракетин күчтөндүрдү. (Би Би Си).

Экинчиден: Америка менен Кытай ортосундагы соода согушу:

1. Жогоруда айтып өткөнүбүздөй, Америка Кытайга каршы соода согушуна кирди. Бул нерсе Кытайды ооздуктоого каратылган. Бул эки үлкөн экономика ортосундагы соода балансынын теңсиздиги себебдүү бул экөөнүн ортосундагы соода согушу тездик менен өстү. Америка Кытайдан 558 миллиард доллар көлөмүндө товар жана кызматтарды импорт кылат. Анын каршысында, Кытай Америкадан 179 миллиард доллар көлөмүндө товар жана кызматтарды импорт кылат. (Америка соода кеңсесинин өкүлүнүн эсептөөлөрү). Бирок, акыркы учурларда эки тарап өз кызыкчылыктарына биринчи жетүү максатында жакындашуулары байкалды:

2. Америка менен Кытай акыркы айларда жарым-жартылай соода келишимине жетишишти. Бул нерсе өткөн жылдан бери дүйнөдөгү эки үлкөн экономика ортосунда жүрүп жаткан соода согушунун аягына чыгуусуна шарт жаратат. Трамп соода келишиминин биринчи этабы толук келишимдин 60%ын камтый тургандыгын айтты. Бул келишимдин алкагында Кытай Американын айыл чарба азыктарын сатып алууну көбөйтөт. Анын акысына Америка Кытай товарларына койгон бажы алымдарын азайтуусу болжолдонууда. (Ал арабий жадид, 05.01.20). «Арбия нет» булагынын маалыматында төмөнкүлөр айтылды: «Америка менен Кытай ортосундагы

соода согушу 21 айга созулгандан кийин Америка менен Кытай биринчи этаптагы соода келишимине жетишишти. Бирок, келерки январга чейин кол коюлбайт. Келишимге ылайык, Америка Кытай импортуна карата бажы алымын жарымына 15%га, т.а. 120 миллиард долларга азайтарын ырастады. Бирок, Кытай товарларына болгон 25% т.а. 250 миллиард долларды түзгөн бажы тарифи өзгөрүүсүз калат. Ошондой эле, Америка азыркы учурда ишке кирүүсү күтүлүп жаткан Кытайдан импорттолгон товарларга жана оюнчуктарга, смартфондорго карата киргизиле турган 15% т.а. 160 миллиард доллар жаңы бажы төлөмдөрүн артка жылдырды. Кытай да келерки эки жылда Американын 200 миллиард долларга барабар товар жана кызматтарын импорт кылууга макул болду. Ошондой эле, Кытай учурда ишке кирүүсү күтүлүп жаткан Америка импортуна, унааларга 25%дык, Америка унаа тетиктерине 5%дык кошумча бажы төлөмдөрүн ишке киргизүүнү токтотот. Кытай Америка товарларына киргизиле турган 126 долларга барабар кошумча бажы төлөмдөрүн ишке киргизүүнү токтоторун билдирди. Ошондой эле, Кытай жылына 50 миллиард долларга барабар Америка айыл чарба азыктарын сатып алууну көбөйтөрүн да ырастады». Трамп айыл чарба азыктарын экспорттоо үчүн өсө турган базарды түзүүгө кызыкдар. Анткени, ал ушул 2020-жылы шайлоого катышат, ошондуктан, айыл чарба продукцияларын экспорттоого жетиштүү базар таба албай карыздарга батып турган дыйкандардын добушунан кол жуугусу келбейт. Al-Bayan News сайтындагы маалыматта мындай делет: «Кытай соода министри жума күнкү баяндамасында төмөнкүлөрдү келтирди: келишим бирдей жана өз ара урматтоонун негизинде жетишилди, аларды атап айтканда, тогуз бөлүмдөн турат: интеллектуалдык менчик укуктар, технологияларды берүү, айыл чарба азыктары, финансы кызматтары, алмашуу курсу жана ачык-айкындык, сооданы кеңейтүү, эки тараптуу баалоо, талаш-тартыштарды жөнгө салуу». (Al Bayan News, 13.12.19).

3.	Бирок, бул келишимдер аркылуу эки тарап ортосундагы соода согушу аягына чыгып калат дегенди билдирбейт. Анткени, соода согушуна түртүп жаткан негизги түрткү бул Кытайды көзөмөлдөө түрткүсү эмес. Балким, мунун артында Америка экономикасына жана анын эл аралык биринчилик макамына көлөкө түшүрө турган терең, кооптуу нерсе турат. Кытай зымсыз байланыш жаатындагы 5G технологиясында лидер болуп саналат. Мындагы эң маанилүү нерсе бул жасалма интеллекттин (акылдын) көзөмөл кылуу дарбазасы болуп саналат. Инновацияны коргоо кеңешчиси Эрик Шмидт, LinkedIn негиздөөчүсү Red Hoffman жана Уолтер Исааксон, Аспен институтунун мурунку гендироктору мындай деп жазышкан: «5G технологиясына көзөмөл кылуу бул келечектеги он жылдыкта жүз миллиардаган кирешелерди алып келе турган тармак болушу күтүлөт. Ошондой эле, зымсыз байланыш тармагында кеңири жумуш ордун камсыздайт. 5G муунуна ээ болгон мамлекет көптөгөн инновацияларга жана дүйнөнүн калган бөлүгүнө стандартты белгилөөгө ээ болот.

Учурда Америка буга ээлик кылышы күмөн жаратат. (ZDNet).

4.	Маалым болгондой «5G» мууну өтө тездик менен маалымат алмашуу экендигин билдирет. «Изилдөөчүлөр «5G» мууну менен тест өткөргөндө рекорддук даражада тездик менен өткөндүгүн жарыялашты. Бир секундада терабайтка жеткен. Белгилүү болгондой, бул ылдамдык учурдагы ылдамдыкка салыштырмалуу 200 эсе көп. Британиянын Суррея унуверситетинде «5G» муун тармагын өнүктүрүү үчүн изилдөө алып баруучулар 100 эң узун кино фильмдерди 3 секундада көчүрүү мүмкүндүгүн айтышты. Ошондой эле «5G» муунунун тездиги 4Gга караганда 65 миң эсе тез. Ушул жылы интернет тармагына кошула турган жабдыктардын саны 50 миллиарддан 100 миллиардга өсүүсү күтүлүүдө. Ошондуктан, бул эбегейсиз суроо-талапты кандыруу үчүн ага ылайык жыштык жана тилкелерди камсыз кылуу зарылчыгы туулат. Ал эми «5G» муунунун техникалык жактан кандай иштеши болсо, белгилүү кыскача аталышы «MIMO» технологиясы негизинде

иштейт. Тактап айтканда «көптөгөн кире турган жагы жана көптөгөн чыга турган жагы бар» тармак. Бул технология «5G» муунунун стандартын жана натыйжалуулугун арттырууда негизги ролду ойнойт. «MIMO» технологиясы жеке маалыматтар агымын берүү үчүн көптөгөн чакан антенналарда колдонулат. Samsung маалыматтарды жүктөөдө укмуштуудай ылдамдыкты камсыз кылуу үчүн ушул технолгияга таянат. Ошондуктан «5G» муун тармагы да берүүчү станцияларды колдонуусу күтүлөт». (Ал араб, 13.08.17).

5. 2017-жылы Дүйнөлүк экономикалык форумда Шмидт ушуларды билдирген: «Көп өтпөстөн Кытай өнүккөн алдыдагы жасалма интеллекти (AI) (акылды) өнүктүрүүдө Америкадан оозуп чыгат». (Дүйнөлүк экономикалык форум). Жасалма интеллект төмөнкүчө негизде:

- Ээлеринин көйгөйүн тез түшүнүп жана натыйжалуу жоопторду бериши үчүн жасалма интеллектке (акылга) ээ болгон сүйлөй турган роботторду пайдалануу.

Күн тартибин жакшыртуу максатында көптөгөн тексттердеги маалыматардын маанилүүсүн талдап алуу үчүн жасалма интеллектке (акылга) көзөмөл кылуучуларды колдонуу.

Экспертер баса белгилешинче, келерки бир нече жылдар аралыгында жасалма интеллект (акыл) тармагына кызыкдар тараптар жана инвестиция салуу тездик менен жогорулайт. Deloitte эсептөөсүнө ылайык, 2021-жылга чейин жасалма интеллектке жана автоматтык окууга 57.6 доллар жумшалат. Башкача айтканда, 2017-жылдан беш жылга жеткен аралыкта.

6. Трамптын 5G муунун өндүрүп жаткан Huawei компаниясына каршы билдирүү менен чыккандыгы таң калычтуу эмес. Ал Кытай компаниясы коркунуч жаратып жатат деп бир нече жолу билдирүү менен чыкты. Трамп НАТОнун акыркы саммитинде мындай деди: «Мен бул коопсуздук тобокелчилдиги деп ойлойм, бул коопсуздук коркунучу». (Business Insider). Ошол себебден, Америка бир нече Европа өлкөлөрүнө (Италия, Германия, Британия ж.б.) Huawei компаниясы менен соодалашуудан

же Huawei «5G» муунун аларга орнотуусунан алыс болуулары үчүн аларга кысым кылды. Мунун баары коопсуздукка коркунуч жаратат деген жалган шылтоо астында кылынды. Ошондой эле, Америка Американын Иранга карата киргизген санкцияларын бузуп жатат деген негизде Канададан Huawei компаниясынын финансы мүдүрү Мэн Ваньчжоуну камакка алууну талап кылды. Америка Кытайдын G5 мууну тармагына тыйуу салууга кызыкдар. Ошондой эле, Америка Американын силикон чиптерин Кытайга сатууга тыйуу салды.

7. Кытай 2025-жылга чейинки планында техлогия жаатында көз карандысыз болууга көптөн бери аракет кылып келди. Бирок, Американын Huawei сыяктуу Кытай компанияларына бут тосуулары Кытайдын негизги технолгиялар жаатында көз кардысыз болуу аракетин дагы күчөтүшүнө жол ачты. Кытай 2022-жылга чейин өзүнө таандык операциялык система түзөөрүн жарыя кылды. Бул эшик Америка компаниялары IBM, Microsoft, Dell үчүн жабык болот. Мындан тышкары, Кытай өзүнүн силикон чибин курууну мерчемдеп жатат. Ал акыркы жылдары тайвандык чип-инженерлердин Кытайга көчүп келүүлөрүнө шарт жаратып жана айлыктарын эки эсеге көтөрдү. Американык аналитиктер Кытай келерки беш-алты жылда чип жасоо жаатында өз алдынчалыкка жетүүсүн айтышууда. Кытай бул жүрүшү менен жасалма акыл жаңы экономикасында эбегейсиз кирешеге ээ болорун да белгилешүүдө.

8. Америка Кытайдын G5 муун тармагында жана жасалма акыл жаатында негизги ролду ойноп калуусун алдын алуу максатында Кытайдын аракетин тушоо үчүн бүт аракетин жумшап жатат. Анткени, бул технология электр энеригия, буу машинасы, силикон чип сыяктуу эле маанилүү технология болуп саналат. Бул технологиялар өндүрүш жана экономика үчүн жандандыруучу күч болуп эсептелет. Ошондуктан, бул соода согушу Америка менен Кытай ортосундагы соода карама-каршылык балансын теңдөө эле эмес, балким, андан чоң технология согушу, айрыкча, G5 мууну

тармагында. Акыркы маалыматтарга ылайык, дүйнө биполярдык (эки уюлдук) системага өтүшүш мүмкүн. Америка баштаган Батыш жана Кытай башында турган дүйнөнүн башка бөлүгү. Эгер, Кытай Евразия аймагында технология жаатында көзөмөл кылууга жетишсе, анда, бул жаатта Кытай Американын эл аралык майдандагы биринчилик макамына коркунуч жаратуусу дагы күчөйт.

Ошондуктан, Америка менен Кытай ортосундагы соода келишими ишке ашып, ал тургай, Трамп билдирүүсүндө белгилегендей: «Анын администрациясы Кытай тарап менен эки тараптуу соода келишиминин экинчи этаптагы сүйлөшүүлөрүн баштайт. Бирок, келишимдердин аягына чыгуусу келерки ноябрь айындагы Америкадагы боло турган президенттик шайлоодон кийин болуусуна жылдырылат». (Бавабат айн, 10.01.20). Баардык этаптары аягына чыгып, ага кол койулган күндө да, бул нерсе согуштагы тыныгуудан башка нерсе эмес. Айрыкча, бешинчи муун технологиясы жаатында, анткени, Кытай Американы аттаандаш катары кабыл алган күндө да Америка Кытайды атаандаш катары кабылдабайт. Себеби, Американын текеберлиги Кытайды атаандаш катары кабыл алуудан тосот!

**17-жумаадил-уула, 1441-х.**

**12-январь, 2020-ж.**

## Кытай менен Афганистан жана Талибан ортосундагы алака тууралуу

1 – Кытай Афганистан менен соода алакаларын өнүктүрүүгө катуу көңүл бурду. Ушундай максатта мамлекетке караштуу кендер компаниясына Кабулдан түштүккө карай 50 километр аралыкта жайгашкан Айнак жез кенине 3 миллиард доллар жумшады. Кытай улуттук нефть компаниясы болсо – ал бул мамлекеттеги эң чоң нефть компаниясы болуп эсептелет – 2011-жылы Афганистандагы Амударыя бассейнин өнүктүрүү боюнча келишим түздү. Ал 7 миллиард доллар пайда алып келиши мүмкүн болгон долбоор. Кытай улуттук нефть компаниясы Афганистанда нефть казып алына

турган биринчи жерди ишке түшүрүүгө жардам берди, бул жер жылына 1,5 миллион баррель нефть казып алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. (Кытай жана анын Афганистанда пайда болушу, Ватания газетасы, 2014-жыл, 1-ноябрь). Мындан тышкары, Кытай жакында «жаңы жибек жолу» долбоорун жарыя кылды, ага миллиарддаган доллар жумшады. Бул долбоор үч бөлүктөн туруп, биринчи бөлүгү Кытайдагы Сианьдан башталып Пакистан аркылуу өтөт жана Түркияда аяктайт. Экинчи бөлүгү болсо, Бангладештен тартып Мьянмага чейин созулат, үчүнчү бөлүгү болсо, Кытайдын Фуцзянь жээгин дүйнөнүн калган бөлүгү менен байланыштырат. Жибек жолунун экономикалык долбоорун кайрадан тикелөө пикири президент Цзиньпинден чыккан эле. Ошондуктан, 2013-жылдын акыркы чейрегинен баштап аны ишке ашыруу үстүндө активдүү аракет кылынды жана ал өнүктүрүлдү. Ушуга ылайык, демек Афганистан мына ушул ири долбоордогу бир маанилүү бөлүк болуп эсептелет. Кала берсе, Кытайдын ресурстарга болгон «табити» Афганистанда ого бетер араандай ачылат. Себеби, ал жерде кендердеги байлыктардан 1 триллион доллардан көбүрөөк пайда көрүшү күтүлүүдө.

Ошондуктан да, Ашраф Гани Афганистандын президенти болору менен эле анын биринчи чет өлкөлүк сапары Кытайга болгондугу таң калычтуу эмес, ал жерде ал Пекин тарабынан сунушталган жаңы контракттар менен «сыйланды». Кытай Афганистанга 2017-жылы 2 миллиард юань (327 миллион доллар) жардам берүүнү убада кылды, мындан тышкары, Кытай Афганистанда 2001-жылдан баштап салым кошкон 250 миллион доллар да бар. Кытай 3000 афган профессионалдык кызматкерлерин толук машыгуудан өткөрүп берүүнү о.э. афган айыл чарбасын, электр энергиясы тармагын жана инфраструктураларды өнүктүрүүдө жардам берүүнү да убада кылды.

Жогорудагылардан белгилүү болгондой, Кытайдын Афганистан менен жакынкы келечекте алакаларды өнүктүрүүдө күчтүү соода-экономикалык кызыкчылыктары бар.

2 – Кытай Афганистан менен өзүнүн соода-экономикалык алакаларынан бул мамлекетте туруктуулук болсо гана пайда көрө алат. Туруктуулук болсо Афганистанда бир күчтүү өкмөт болушун талап кылат. Ошондуктан, Кытай Гани өкмөтүн мүмкүн болушунча колдоп-кубаттап жатат. Кытай тышкы иштер министри Ван И 2014-жылы 22-февралда Кабулга келген кезде: «Бул мамлекеттеги тынчтык жана туруктуулуктун Кытай батышындагы тынчтыкка таасири бар, мындан да маанилүүрөөгү бул туруктуулук бул региондо толук тынчтык орнотууга жана аны өнүктүрүүгө таасирин тийгизет, ошондуктан биз Афганистанда мүмкүн болушунча жакынкы убакыттын ичинде бир толук камтуучу, кеңири базага ээ болгон саясий жарашуу болушун көрүүдөн үмүттөнөбүз. Кытай бул ишти жеңилдетүү үчүн жаратмандык ролун ойнойт... Анткени, бөлүнүп кеткен мамлекеттин келечеги болбойт», - деди (Рейтер 2014-жыл, 22 февраль).

Кытайдын Афганистанда туруктуулук болушуна эмне үчүн кызыкдар экендигин мына ушундан түшүнүп алууга болот. Бул жерде башка бир иш да бар. Себеби, Кытай Афганистандын Кытай менен болгон «Вахан өтүү жолу» деген аталыштагы чегараларынан келип чыгып жаткан коркунучтан тынчсызданууда. Ал Афганистандын түндүк-чыгышындагы жерлерден турган лента сыяктуу тар жолдор, ал Кытайдан тартып Тажикстанга чейин созулуп жатат, Пакистан менен Пакистандын Кашмир региону ортосун ажыратып турат, Памирдин ортосунда түндүккө жана Гиндукуштан түштүккө чейин созулуп жатат, анын узундугу 350 км.ге жакын, кеңдиги болсо 13 км. ден 65 км.ге чейин. Ал уйгур Исламий согушкерлеринин аракетин жеңилдетүү каналын түзөт. Белгилүү болгондой, уйгур согушкерлери Кытай ичкерисинде коопсуздук маселесин пайда кылышууда. Талибан Афганистанда жана Пакистандагы уруулар региондорунда «Исламий Чыгыш Түркстан кыймылындагы» уйгур куралдуу согушкерлерине баш баанек берүүдө, аларды машыгуудан өткөрүүдө, бул уйгур согушкерлери Кытай өкүмдарлыгы болбогон эгемендүү бир мекенди

куруу үчүн согушуп жатышат. Муну Кытайдын тышкы иштер министри өткөн жылы Кабулга болгон сапары маалында бул сапардан көздөлгөн максат жөнүндө Кытай тышкы иштер министрлиги таркаткан билдирүүдө анык-тунук кылып, мындай деп айтты: «... Максат терроризмге каршы күрөш жана Исламий Чыгыш Түркстан кыймылына каршы күрөш сыяктуу коопсуздук тармагындагы кызматташтыкты жана башка тармактардагы кызматташтыкты күчөтүү...». («Ван И Афганистан тышкы иштер министри менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө» Кытай Элдик республикасынын Чехия республикасындагы элчиканасы 2014-жыл, 23-февраль).

Азыр гана айтып өтүлгөн чекиттер шартында, демек Кытай Американын Афганистанда 2014-жыл декабрдан кийин да калышын колдоп-кубаттап жатат. Буга Кытайдын Хамид Карзайды эки тараптуу коопсуздук келишимин кол коюууга кызыктырганда анык ишара кылынды. Себеби, 2013-жылы сентябрда президент Хамид Карзайдын өкүлү Эмал Файзий Кытай президентинин регионалдык жана чет мамлекеттер менен болгон, аныгыраагы АКШ менен болгон афган тышкы алакаларына колдоо көрсөткөнүн айтты. Кытай ушул аркылуу бул региондо тынчтык жана туруктуулук орнотууга аракеттенүүдө. Ошондуктан, Кытай Афганистан менен Кошмо Штаттар ортосундагы коопсуздук келишимин колдоп-кубаттап жатат («Кытай Афганистан менен Кошмо Штаттар ортосундагы коопсуздук келишимин колдоп-кубаттап жатат» Кама газетасы, 2013-жыл, 28-сентябрь). Газетанын дагы жазышынча Кытай Афганистан жүргүзүп жаткан тынчтык операциясын колдоп-кубаттай тургандыгын, афган тынчтык сүйлөшүүлөрүндө т.а. Талибан менен тынчтык сүйлөшүүлөрүндө рол ойноого даяр экендигин да жарыя кылды... Демек, мына ушул билдирүүлөрдөн – алардын бардыгы бир мааниде – жана ушуга окшогон башка билдирүүлөрдөн Кытайдын Афганистанда туруктуулукту сактап калуу үчүн Американы колдоп-кубаттап жатканы анык көрүнүп турат. Кытай

Талибан менен боло турган тынчтык сүйлөшүүлөрүн да колдоп-кубаттап жатат, америкалыктар мындан толугу менен кабардар.

Кытай – Рейтер жазгандай – 2014-жылы ноябрда «тынчтык жана жарашуу жыйынын» да уюштурду, Кытай ушул аркылуу тынчтык сүйлөшүүлөрүн алдыга жылдыруу үчүн Афганистанда чоңураак роль ойноого аракет кылып жатат (Рейтер 2014-жыл, 11-ноябрь). Гани өкмөтү менен Талибан кыймылы ортосунда бир тынчтык келишими туурасында ортомчулук жолдорун пайда кылуу үчүн акыркы кездерде Талибан кыймылы Пекинге барды, Кытай болсо Пакистанга афган Талибан кыймылына – Гани өкмөтү менен жарашууга жетишүү үчүн – басым өткөрүүдө жардам берүүдө. Муну Кытай Афганистанда Американын ордун ээлемекчи болууда деп түшүндүрүү мүмкүн эмес, тескерисинче, Пекин менен Вашингтондун кызыкчылыктары Афганистанда туруктуулук орнотуу маселесинде туура келет. Бул жаатта америкалык бир жооптуу мындай деди: «Кошмо Штаттар менен Кытай Афганистан өкмөтүн, улуттук биримдикти, коопсуздук күчтөрүн жана экономикалык өнүгүүнү биргеликте колдоп-кубаттоого аракет кылуу жаатында бирдей пикирде, максат, террорчулардын Афганистандан бир тынч баш баанек катары пайдаланышына жол бербөө». («Кытай афган Талибан кыймылы менен токтоп калган тынчтык сүйлөшүүлөрүндө ортомчулук кылууга кадам коюуда», Экономик Таймс 2015-жыл, 13-февраль).

Булардын бардыгы Кытайдын Афганистанда туруктуулук болушуна кызыкдар экендигин ачык көрсөтүп турат. Себеби, Кытай бул мамлекетте өзүнүн кеңири экономикалык кызыкчылыктарын өнүктүрүүнү көздөп жатат. Ошондуктан, Афганистан туруктуулугу темасында Америка менен келишүүдө... Кытай Афганистан менен Талибандын өз ара жарашуусунан да кызыкдар, себеби, мындан Кытай Чыгыш Түркстан козголоңчуларына жардамдарды жеткирип берүү сызыгын кыскартуу менен пайда көрөт.

Кытайдын Афганистан жана Талибан менен болгон тиги байланыштары ушундай максатта пайда болду...

Биз Талибан бул ишти түшүнүп жетет жана Кытайдын айла-амалын анын өзүнүн кекиртегине кайтарат, натыйжада Талибандагылар менен Чыгыш Түркстан козголоңчулары ортосундагы Ислам боордоштугу уланат деп үмүттөнөбүз.

**9-жумадул-аввал, 1436-х.**

**28-февраль, 2015-м.**

## Пакистан-Кытай экономикалык коридору жана Иран-Индия-Афганистан үчтүк долбоору

**Суроо:** *«Иран, Индия жана Афганистан ортосунда Иран түштүгүндөгү Оман булуңуна чыккан Чабехар порту аркылуу транзит жүктөрдү ташуу боюнча кызматташуу үчүн үчтүк келишимине кол коюлду. Бул стратегиялык келишимден үч мамлекет ортосунда жүктөрдү ташуу үчүн эл аралык коридорду жолго коюу көздөлгөн. Чабехар порту Гвадар деңиз портунан (Пакистан) 100 км. алыстыкта жайгашкан. Кытай Гвадар портун Пакистан-Кытай экономикалык коридору долбоору алкагында реконструкция кылууда. Бул долбоор үчүн 46 миллиард доллар бөлүнгөн». (Арабийя, 2016-жыл, 24-май). 2015-жылы 20-апрелде Кытай жана Пакистан ушул экономикалык коридор долбоорун баштоого келишип алган... Суроо төмөнкүчө: булар жөн гана үлкөн экономикалык долбоорлорбу же аларда саясий факторлор да барбы? Белгилүү болгондой, бул долбоорлорго катышкан мамлекеттер – Кытайды кошпогондо – Америкага көз каранды. Бул болсо, ушул долбоорлордун артында Кытайды Түштүк Кытай деңизинен алыста алек кылып коюу үчүн тузакка түшүрүү жана экономикалык жактан алдан тайдыруу планы турганын түшүндүрөбү? Анткени, бул коридор маанилүү болсо да, бирок, андан түшкөн экономикалык киреше 46 миллиард доллар чыгашага туура келбейт го?*

*Акыркы суроо: бул долбоорлордо аларга кол койгон мамлекеттер гана эмес, башка мамлекеттер да, мисалы Орто Азия мамлекеттери да бутага алынганбы? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын. Суроо созулуп кеткени үчүн үзүр сураймын.*

**Жооп:** жооп анык болушу үчүн ушул нерселерди карап чыгабыз:

**Биринчи: Американын бул долбоорлорго кошулган мамлекеттер менен болгон алакасы:**

1 – Индия «Бхаратия Жаната» партиясынын өкмөтү доорунда Америкага малай болуп калды. Бул партия 1998-жылы бийликке келип 2004-жылы бийликтен кетти. Он жылдан кийин т.а. 2014-жылы бул партия Моди башчылыгында кайра дагы бийликке келди. Бул мезгилге келип Американын колдоосу анык болуп калды. Натыйжада, Америка менен Индия ортосунда түрдүү тармактарда, айрыкча ядролук тармакта келишимдер түзүлүшү күчөдү. Бул келишимдердин Кытайга каршы багытталганы анык. Пакистан болсо токсонунчу жылдардагы Наваз Шариф өкмөтү доорунан тартып Парвез Мушарраф өкмөтүнө чейин, Асиф Зардарий өкмөтүнөн тартып азыркы Наваз Шариф өкмөтүнө чейин Америкага малай бойдон келди. Индия менен Пакистан ортосунда – экөөсү тең Америкага малай болгондуктан – өз ара жакындашуу жүз берди. Пакистан Америка көрсөтмөлөрүнө ылайык Индия пайдасына бир катар маанилүү нерселерден баш тартты. Америка Индиядагы малайларын жана алардын Кытайга каршы позицияларын бекемдөө үчүн Пакистанга мына ушундай көрсөтмөлөрдү берди. Америка Пакистанга «терроризм жана экстремизмге» каршы согуш деген аталышта ичкеридеги жана региондогу Исламий кыймылдарга каршы согушуу вазыйпасын жүктөдү. 2016-жылы 9-июндагы суроонун Жоопунда мындай делген: «Индия режими да, Пакистан режими да Америкага малай болсо да, бирок, Американын бул эки мамлекеттен көздөгөн максаты ар түрдүү. Себеби, Америка Индиянын Кытайга каршы «найза» болушун максат кылат. Ал эми, Американын Пакистанга карата максаты – Пакистанды

Америкага каршы күрөшүп жаткан Пакистан жана афган каршылык кыймылына каршы коюу...».

2 – Иран жөнүндө айтсак, ал да Америкага малай. Иран Америкага Афганистанды басып алып, ал жерде орношуп алышына жардам бергенин, мурунку Карзай өкмөтү жана азыркы Ашраф Ганий өкмөтү сыяктуу Америкага малай өкмөттөрдү колдоп-кубаттап келе жатканын моюнга алды. 2016-жылы 29-июнда Түркиянын «Дүйнө кабарлары» сайты ушул кабарды таратты: ««Иран» газетасы Ирандын мурунку тышкы иштер министри Али Акбар Вилаятий менен маек өткөрдү. Ал азыр жумхурият мүршиди Али Хаменеийдин башкы кеңешчиси болуп турат. Ал маек учурунда Иран менен Америка ортосунда алака жана кызматташтык бар экенин моюнга алып мындай деди: «Иран Афганистан жаатында Америка менен сүйлөшүүлөрдү алып барды. Ушул сүйлөшүүлөрдө БУУдагы туруктуу өкүлүбүз, азыр тышкы иштер министри болуп иштеп жаткан Мухаммад Жавад Зариф биздин өкүлүбүз болду. Ошол кезде Афганистандын чоң бөлүгү Талибандын колунда эле. Эгер, Иран болбогондо Америка ушул шарттарда Афганистанга кире албайт эле». Ал ушуларды кошумчалады: «Ирак жаатында да дал ушундай болду. Анткени Иракта да Иран менен Америка өз ара келишим түздү. Саддам кулагандан кийин Иракта коопсуздукту камсыздоо боюнча кызматташтуу максатында сүйлөшүүлөр алып барылды...»». Сайт Ирандын мурунку президенти Хашимий Рафсанжанийдин дал ушундай моюнга алууларын ачыктаган. Рафсанжаний мындай деген: «Азыр Америка менен Иран ортосунда болуп жаткан сүйлөшүүлөр жогорку мүршиддик макамынан алдын ала алынган макулдук негизинде алып барылууда. Америка менен сүйлөшүүлөр Хасан Руханий өкмөтүнүн келишинен беш жыл алты ай мурун Оман султаны Кабус ортомчулугунда башталган»...». Булардын баары Ирандын Америка менен алакада экенин тастыктап турат. Мунун акысына Америка Ирандын Ирак жана Афганистандагы ролун колдоп-кубаттай турган болду... 2014-жылы 11-июндагы суроонун Жоопунда мындай делген: «Башка

тараптан, Америка Индияга Афганистанда роль бергени жана бул эки мамлекет ортосундагы алакаларды бекемдөөгө аракет кылып жатканы байкалууда. Америка Афганистанда туруктуулукту камсыздоодо Пакистанга муктаж болуп калбоо үчүн Индия менен Афганистан ортосундагы алакаларды бекемдөөгө аракет кылууда. Ошондуктан, Моди ант берүү ырасымында жолугушкан биринчи президент Афганистан президенти Карзай болду. Америка учурда Индиядагы бийлик Америкага баш ийип турганда Пакистанга караганда Индияга көбүрөөк ишеним артат. Ал тургай, Пакистандагы бийлик Америкага малай болсо да, бирок, Америка бул исламий өлкөдө ар кандай учурда ар кандай өзгөрүү жүз бериши мүмкүндүгүнөн коркот. Ошондуктан, Америка Пакистанга узак убакыт аралыгында ишенбей келүүдө... Ошентип, Индия Америка малайы Моди доорунда Афганистандагы Америкага малай режимдин пайдасына коопсуздук жагынан активдүү роль ойномокчу». Азыр болсо буга экономикалык кызматташтык да кошулду. Мындан максат коопсуздук боюнча кызматташтыкты бекемдөө жана Американын Афганистандагы таасирин коргоо.

**Экинчи: Иран-Индия-Афганистан долбоору:**

1 – Индия менен Иран Чабехарга Индия аркылуу чыгуу идеясын биринчи жолу 2003-жылы талкуулаган. Ошол кезде эки мамлекет бул портту биргеликте реконструкциялоого келишип алган. 2004-жылы болсо индус компаияларынын ассоциациясы Ирандын объектилерин реконструкциялоо порттор жана жүк ташуу уюму менен өз ара келишим меморандумуна (MoU) кол койду. Бирок, бул нерсе жүзөгө чыкпады. Бирок, 2015-жылы майда Ирандын ядролук программасы жаатында кеңири көлөмдүү ортоктош иш алып баруу планынан эки ай мурун индус транспорт министри Нитин Гадкари Чабехар боюнча өз ара келишим меморандумун кол коюу үчүн Иранга барды. Мына ошондон кийин эле Чабехар келишим долбоорун акырына жеткирүү үчүн Нью-Делиде Иран, Афганистан жана Индиянын

өкүлдөрү чогулду. 2016-жылы 23-майда бул үч мамлекет ортосунда келишимге кол коюлду. Бул келишим Ирандын Чабехар портун реконструкциялап аны Индия океанындагы соода коридоруна айлантуу үчүн түзүлдү. Максат үч мамлекет ортосунда товар айырбаштоону көбөйтүү. Бул болсо Ирандын ядролук программасы жөнүндөгү келишимге кол коюлушу артынан санкциялар алып салынгандан кийин жүзөгө келмек. Индия премьер-министри Моди Тегеранда «анын мамлекети Чабехар портун реконструкциялоо үчүн 500 миллион доллар кредит долбооруна каражат бөлүшүн» айтып мындай деди: «... Биз дүйнө менен байланышууну каалайбыз, бирок үч мамлекеттин өз ара байланышуусу биринчи маселе... Бул албетте тынчтык жана жыргалчылык коридору болот... Ал экономикалык алакага таасир кылат». Иран президенти Руханий ушуларды айтты: «Бу келишим экономикалык келишим гана болбостон, саясий жана регионалдык келишим. Бирок ал эч бир мамлекетке каршы багытталбаган. Бул келишим региондо туруктуулук жана тынчтык орнотууга салым кошуусу мүмкүн». Руханий Моди менен 12 өз ара түшүнүү меморандумуна кол койду. Бул меморандум боюнча Индия Тегеранга 6,5 миллиард доллар бериши керек. Иран ага карата киргизилген эл аралык санкциялар себептүү бул акчаларды кайтара албайт. (Франс Пресс агенттиги, 2016-жыл, 25-май). Француз маалымат агенттиги буга түшүндүрмө берип ушуларды кошумчалады: «Бул келишим деңиздерге чыгуу жолуна ээ болбогон Афганистанга деңиз портунан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берет. Бул келишим Иран аркылуу Афганистанга өтө турган темир жолун куруу долбоорун да камтыйт. Ал Индиянын Кытайга каршы стратегиялык жеңиши болуп эсептелет. Индия Чабехардан 100 км. алыстагы Гвадар портуна капитал жаткырып жаткан Кытай менен атаандашмакчы». Иран президентинин ачык-айкын сөздөрүнөн көрүнүп тургандай, бул долбоорлор экономикалык гана эмес, саясий долбоор жана Кытайга коңшулаш региондогу регионалдык кырдаалга алакасы бар. Иран президенти бул долбоорлор эч бир мамлекетке каршы багытталбаганын

айтты. Бирок, бул долбоорлор бир мамлекетке каршы багытталганы көрүнүп турат! Анткени, Иран президенти алардын экономикалык гана эмес, саясий жана регионалдык долбоорлор экенин да моюнга алды. Индус премьер-министри болсо үч мамлекет ортосундагы байланышты т.а. үчөөсү ортосундагы алакаларды бекемдөө зарылдыгын жана буга ушул үч мамлекеттин максаттары себеп экенин көрсөтүп өттү.

2 – Бул Индия-Иран долбоорлорунан максат Орто Азия республикаларына кирип баруу экени да маалымдалды. Иран тышкы иштер министри Жавад Зариф «Чабехар портун реконструкциялоо жөнүндөгү Иран Ислам республикасы менен Индия ортосундагы бул стратегиялык долбоорду – бул порттун Орто Азияны Кытай менен байланыштырган темир жол, кургактык жана соода жолдорун өрчүтүүдө өзгөчө ролу бар болгону үчүн – тезирээк ишке ашырууга» чакырды. (Иран аалам гезити, 2016-жыл, 17-апрель). Индус тышкы иштер министрлиги да: «Бул келишим Чабехар портунан пайдаланууну жакшылап, Афганистандын экономикалык өнүгүүсүнө салым кошот жана жакшыраак регионалдык байланыштарга жол ачат. Ал Индия жана Афганистан менен Орто Азия ортосундагы алакаларды да камтыйт» деп билдирди. (Дипломатия, 2016-жыл, 18-апрель). Бул Иран президенти Хасан Руханийдин 2016-жылы 24-майда өткөрүлгөн басма сөз конференциясында айткан сөздөрүнөн да ачык-айкын түшүнүлүп турат. Ал мындай деген: «Чабехарда биргеликте капитал жаткыруубуз Индияны ишеничтүү жол аркылуу Афганистан жана Орто Азия мамлекеттери менен байланыштыруу мүмкүнчүлүгүн берет». (Quartz India, 2016-жыл, 24-май). «Индус өкмөтү жакында Чабехар портуна 100 миллион доллар көлөмүндө капитал жаткыруу долбоорун макулдады». (Иран аалам гезити, 2016-жыл, 2-июнь). Чабехар порту Оман булуңунда жана Индия океанында стратегиялык мааниге ээ экени, Орто Азия мамлекеттери жана Афганистан үчүн эң ыңгайлуу жол экени айтылууда.

**Үчүнчү: Кытай-Пакистан долбоору:**

1 – Кытай президенти Си Цзиньпин 2015-жылы 20-апрелде Пакистанга келип бул мамлекет менен бир катар келишимдерге кол койду. Келишимдерде көлөмү 46 миллиард доллар болгон долбоорлорду ишке ашыруу көрсөтүлгөн. Бул долбоорлор Пакистандагы Гвадар портунан Кытай батышындагы Шинжанга (Чыгыш Түркстанга) чейин жаткырыла турган 3 миң км. жолдор тармагын курууну камтыйт. Мындан тышкары темир жолдор жана түтүктөр да жаткырылат. Бул долбоорлор Кытайдын Индия океанына жана анын артындагы жерлерге кирип баруусун камсыздайт. (Рейтер). «Рейтер» Пакистан парламентиндеги коргоо комиссиясынын төрагасы Мушахид Хусайн Саййиддин ушул сөздөрүн ачыктады: «Пакистан азыр Кытай үчүн негизги мааниге ээ. Ошондуктан, бул ийгиликтүү болушу керек жана биз аны ийгиликтүү болот деп билебиз». Айрым кабарчыларминтип жазышты: «Бул Кытайдын Борбор Азия жана анын түштүгүндөгү экономикалык таасирин бекемдөөгө умтулуудагы чоң алга жылуу болуп эсептелет. Бул каражат Кошмо Штаттар Пакистанда сарптап жаткан каражаттан кыйла көп». Ошол күнү Пакистан министри Ихсан Икбал «Франс Пресске» мындай деп билдирди: «Албетте, бул инвестициялар үлкөн жана реалдуу долбоорлор. Алар Пакистан экономикасына чоң таасир кылат». Кытай президенти болсо Пакистан маалымат каражаттарына ушуларды айтты: «Кытай жана Пакистан коопсуздук тармагында кызматташтыкты бекемдөө үчүн коопсуздук жаатындагы коркунучтарга каршы аракеттерди бириктирүүгө муктаж». Кытай Пакистанга капитал жаткыруу боюнча 50 келишимге кол койду. Алардын 30 келишими экономикалык коридорго таандык. Наваз Шариф ушуларды айтты: «Си Цзиньпиндин Пакистанга келиши эки мамлекет ортосундаги алакалар тарыхындагы бурулуш чекити болуп эсептелет. Кытай менен достук Пакистан тышкы саясатындагы негизги маселе». Пакистан министри Хусайн Мамнун ушуларды билдирди: «Бул долбоордон 3 миллиардга жакын адам пайда көрөт. Пакистан Кытайга Гвадар портунан кырк жыл ичинде пайдаланышы үчүн чектелген укуктарды

берди». Жаңы экономикалык коридорду коргоо үчүн жаңы күчтөрдан 13000 аскерийден турган дивизия түзүлдү. Кытай болсо Пакистанга жашыруун ядролук жардамды көрсөтөт жана ракеталарды берет. Кытай Пакистанга 2750 км. аралыкка учкан ядролук кубатка ээ баллистикалык ракеталарды да берет. Пакистан премьер-министри «Кытай экономикалык коридору үстүнөн жеке өзү көзөмөл кылышын, бул коридор региондогу миллиондогон калктын тагдырын өзгөртүшү мүмкүндүгүн жана бул экономикалык коридор бүткүл регионду ылдам жолдор жана темир жолдор тармагы аркылуу байланыштырышын...» айтты. (Пакистан расмий маалымат агенттиги, 2016-жыл, 12-июль).

2 – Бул экономикалык иш Кытайды Пакистан менен болгон алакаларына маани берүүгө тартат. Анткени Пакистан ушуга жан үрөп умтулууда жана Кытайды ушул экономикалык долбоорлор менен кызыктырууга аракет кылууда. Пакистан Кытайдын ушул долбоорлорго үлкөн каражаттарды сарптоосуна жетишип аны ушул жактан алек кылып коймокчу. Муну менен Пакистан өз кожоюну Америкага кызмат көрсөткөн болот. Анткени Америка Кытайды курчоого жана кысымга алып, аны менен атаандашуусуна жол бербөөгө аракет кылууда. Америка Кытайды Түштүк Кытай деңизи үстүнөн көзөмөл орнотуудан мүмкүн болушунча алыстатып, башка нерсе менен алек кылып коюуга аракет кылууда. Бул иш Америка үчүн маанилүү. Америка Кытайдын Түштүк Кытай деңизи үстүнөн көзөмөл орнотууга болгон аракеттерине тоскоолдук кылууда бардык күчүн жумшап келүүдө. Анткени, Кытай өз көзөмөлүн орнотсо аралдарды кеңейтип, ал жерлерге аэродромдорду жана портторду курат. Андан кийин Кытайдын аралдардан турган архипелагга өкүмдар болуп алышы табигый болуп калат. Белгилүү болгондой, бул архипелагда 250га жакын арал бар. Америка Кытайды муну менен алек болуп калуудан алыстатып, аны кызыктыра турган башка долбоорлорго буруп жибермекчи. Кытай ал үчүн эч бир мааниси жок аралдардан көрө пайдалуу деп билиши үчүн башка долбоорлор мына

ушундай кызыктыруучу болушу керек! Ошондуктан, индустардын Бхарата порту жана 60 миль аралыкта бири-бирине жакын эки портко багытталган Индия-Иран-Афганистан долбоорлору тушунда Пакистандын Гвадар портуна багытталган Пакистан-Кытай долбоорлору Кытайды ушул регионго алек кылып коёт... Белгилүү болгондой, Пакистандагы Гвадар порту жана Ирандаги Чабехар порту регион үчүн стратегиялык географиялык жана геосаясий мааниге ээ. Эки порт эл аралык деңиз жолуна жана нефть соодасына карата да мааниге ээ. Түштүк Азия боюнча эксперт Адам В. Ларки бул долбоорлор келишимдеринин саясий табиятын минтип деп көрсөтүп өттү: «Кытайдын Гвадардагы ролунун көлөмүн жана максатын Индиянын Чабехардагы ролуна салыштырып болбойт. Бирок америкалыктар Индия Кытайдын кеңейүү идеясына тоскоолдук кылганына кубанышууда». «Кошмо Штаттар Чабехар порту боюнча Индия менен Иран ортосунда түзүлгөн келишимди колдоп-кубаттоодо. Анткени бул келишим Кытай менен Пакистан ортосундагы Гвадар долбоорун курчоого алат. (Firstpost.com, 2016-жыл, 26-май). Демек, Америка Кытайга Пакистан менен түзүлгөн ушул долбоор аркылуу таасир өткөрмөкчү. Анткени 46 миллиард долларды түзгөн Кытай-Пакистан экономикалык коридору долбоору ишке ашса, ал Кытай үчүн кудум жүрөк катары болуп калат. Бул болсо Кытайдын бул долбоордон оңойлук менен баш тартпашын түшүндүрөт. Натыйжада, Кытай бул долбоор менен алек болуп калып, Түштүк Кытай деңизи сыяктуу андан да маанилүү болгон башка региондорго колу бошобой калат...

Америка бул региондогу мамлекеттерди Кытайга каршы тукурууга да аракет кылууда. Ушул мамлекеттердин бири Филиппин. Филиппин Кытай менен талашып жаткан талаш аралдар боюнча эл аралык сотко кайрылды жана бул сот Филиппиндин пайдасына өкүм чыгарды. Голландиянын Гаага шаарындагы эл аралык арбитраждык соту 2016-жылы 12-июлда мындай токтом чыгарды: «Кытай тогуз чекит сызык ичиндеги деңиз регионундагы ресурстар үстүнөн тарыхий укугу бар экенин талап кылышы мыйзамдуу

негизге ээ эмес. Кытай балык улоо, нефть казып алуу, жасалма аралдарды куруу иштерине аралашуу аркылуу жана кытайлык аңчыларга ушул региондо аң улоосуна тыюу салбоо аркылуу Филиппиндин чектелген экономикалык регионундагы суверенитет укугун тебеледи». Кытай бул токтом жарыяланышы менен дароо өзүнүн расмий маалымат агенттиги «Синьхуа» аркылуу ушуларды баса белгиледи: «Кытай бул соттун токтомун кабыл албайт жана моюнга албайт». Кытай тышкы иштер министрлиги ушул жарыядан кийин: «Бул өкүм негизсиз, милдеттендире турган эч кандай күчкө ээ эмес» деп билдирди. Министрлик: «Бул Кытай менен жаңжалды чечүү да эмес, Түштүк Кытай деңизинде тынчтык жана туруктуулукту сактоо да эмес, тескерисинче ыплас максат», - деп билдирди. Андан кийин Кытай президенти Си Цзиньпин «анын мамлекети эл аралык соттун өкүмүнө таяна турган эч кандай сунушту же иш-аракетти кабыл албашын» билдирди. Ошондо Америка дароо бул соттун токтомун колдошун билдирди жана мамлекеттик департаменттин өкүлү Жон Кирби аркылуу «Бу токтом Кытай жана Филиппин үчүн мыйзамдуу жактан толук жана милдеттүү токтом, ал Түштүк Кытай деңизиндеги жаңжалдарды тынч жол менен чечүүдөгү ортоктош максатка чоң салым кошот», деп баса белгиледи жана «Бардык тараптарды бул токтомго амал кылууга жана провокация мазмунундагы билдирүүлөрдү берүүнү же провокация иштерди жасоону токтотууга» чакырды. (ДПА, АФП, 2016-жыл, 12-июль).

**Төртүнчү: жогорудагы нерселерден суроодо келген маселелердин жооптору мындайча айкындашат:**

а) Индия, Иран, Афганистан ортосунда жана Пакистан менен Кытай ортосунда жүзөгө келген экономикалык иштер экономикалык иштер гана болуп калбастан, алардан саясий максаттар да көздөлгөн. Айрыкча Кытайдан тышкары бул мамлекеттердин баары Америка саясатына көз каранды болгону үчүн бул иштерден саясий максаттар да көздөлгөн.

б) Америка Индияга Кытайга каршы туруу ролун берди. Америка Индиянын ядролук кубатын бекемдөөгө аракет кылгандай индус экономикасын бекемдөөгө да аракет кылууда. Анткени, ошондо Индия ушул ролду ойной алат. Америка Индияны Иран менен колдоодо жана ага Иранда капитал жаткыруу эшиктерин ачып берүүдө. Америка Иран экономикасын бекемдөөгө да аракет кылууда. Анткени, ошондо Иран кулабастан жана бул региондо Америка тарабынан жүктөлгөн ролун аткарууну улантат. Америка өзүнүн Афганистандагы таасирин коргоо үчүн Индияга Афганистанда роль ойноо вазыйпасын тапшырды. Иран да Американын Афганистандагы таасирин бекемдөөдө. Ушул максатта Индия жана Иран Америка басып алган Афганистан экономикасын колдоо жана ага деңиз портуна чыгуу жолун ачып берүү үчүн аракетке келди.

в) Америка Пакистанды Кытай менен алакаларды бекемдөөгө шыктандырууда, анткени, ошондо Кытайды Түштүк Кытай деңизи үстүнөн көзөмөл орнотуу иштерин кеңейтүүдөн алыстаткан долбоорлор менен кызыктырат. Ошол эле учурда, Америка бул деңиздеги мамлекеттерди Кытайга каршы тукуруп, Кытайга проблемаларды жана кыйынчылыктарды туудурууда. Бул проблемалардын акыркысы Гаага эл аралык арбитраждык соту тарабынан чыгарылган саясийлешкен токтом.

г) Америка Орто Азия регионун да бутага алууда. Анткени, Америка бул регионду Пакистан менен кызматташтык кылууга тартууга аракет кылууда жана Кытай кура турган экономикалык коридор аркылуу деңиз портуна чыгуу кызыкчылыктары менен бул регионду кызыктырууда. Анткени, муну менен Америка бул регион акимдерин өзүнүн малайы Пакистан кызыкчылыктары менен байлап коёт жана мына ошондон кийин алардын Пакистан менен болгон алакаларынан жана алардын Пакистандагы кызыкчылыктарынан пайдаланып алар менен байланышууга жетишет. Натыйжада, аларды сатып алат. Башка тараптан болсо үчтүк (Иран, Индия, Афганистан) долбоорунан көздөлгөн максаттардын бири Орто Азияга кирип

баруу. Муну ирандык жана индус жооптуулары ачык айтышты. Америкага малай бул мамлекеттер аркылуу Орто Азияга кирип баруу болсо шексиз Америка кызыкчылыктарына кызмат кылат. Анткени, муну менен ал жердеги орус таасирин сүрүп чыгаруу үчүн Американын бул региондогу таасири бекемделет.

**Бешинчи:** акырында ушуну айтабыз, бул регион жүздөгөн жылдар Исламий Халифалык доорунда Ислам башкаруусу астында болуп келген. Бул региондогу Жибек жолу жана бардык соода жолдору, порттор Халифалык мамлекетинин көзөмөлүндө болгон. Соодагерлердин көпчүлүгү мусулмандар болуп, алар ар тараптан соода малдарын алып барышкан жана Ислам даъватын жеткиришкен. Мунун натыйжасында миллиондогон адамдар Исламга кирген. Алар кийин көбөйүп жүздөгөн миллиондорду түзүштү. Жакында бул регион – Аллахтын уруксаты менен – дагы ошол абалына, балким андан да жакшыраак абалына кайтат. Ошондо бийликте калуу, чириген ыплас режимдерин жана тар улуттук кызыкчылыктарын сактап калуу акысына Америкага кызмат кылып жаткан, Америка буйруктарын аткарып жаткан малайлар калбайт. Эртеңки күн аны күтүүчүгө жакын.

***«Аллах Өз ишинде үстөм. Бирок, адамдардын көпчүлүгү*** *(муну)* ***билишпейт»*** [12:21]

**16-шаввал, 1437-х.**

**21-июль, 2016-м.**

## Кытайдын Чыгыш Түркстанга карата жапайы душмачылыгы

**Суроо:** *2017-жылы 2-мартта «аль-Жазиира нет» кабар агенттигинде Кытай Чыгыш Түркстан «Синьцзян» аймагында аскерлерин топтой баштагандыгы тууралуу маалымат берилди. Кабарда мындай келген: «Эки күн мурун Кытай бийлиги өлкөнүн батышында жайгашкан Синьцзян аймагындагы Үрүмчү шаарында он миңден ашуун аскерин топтогондугу тууралуу маалымат таратты. Бул аймактын жергиликтүү жашоочуларынын көпчүлүгүн мусулман уйгурлар түзөт. Көптөгөн*

*жылдардан бери бул аймакта жергиликтүү мусулман уйгурлар менен Кытай бийлиги ортосунда чыңалуулар жүз берип келүүдө. Кытай коопсуздук күчтөрү ал жерде ондогон танкалар, брондолгон машиналар катышкан жана вертолеттор коштогон аскерий парад өткөрдү. Кытай бийлиги ушул жылы мындай аскерий парадды Кашкар, Хотан, Аксуу аймактарында үч жолу өткөрдү». Кытай бийлиги бул аймактагы мусулмандарга карата жаңы кыргын даярдап жатабы?*

**Жооп:**

Кытай бийлигинин бул аймактагы мусулмандарга карата кылып жаткан саясатынын түп маңызы айкын болушу үчүн, Кытай бийлиги менен Синьцзян аймагындагы Уйгур мусулмандарынын ортосунда жүрүп жаткан күрөшкө назар салып чыгуу зарыл:

1 – Кытай бийлиги менен Синьцзян аймагындагы Уйгур мусулмандарынын ортосундагы күрөш жаңы көрүнүш эмес. Айрыкча, 1863-жылдан бери бул күрөш күч алган. Түркстан – Ислам өлкөлөрүнүн чыгышынан алганда эң алысы. Ал аймак Кытайдын көптөгөн кыргындарына кабылды. 1949-жылы Мао Цзедун бийлике келип, Кытайга коммунисттик түзүм орноду. Синьцзян аймагын да өзүнө кошуп алуу үчүн, Кытай бийлиги бул аймакта миллиондон ашык Уйгур мусулмандарын кыргынга салды. Кийин аны өзүнө кошуп алды. Бул аймактагы жергиликтүү мусулман жашоочуларын Кытайдын ичине көчүрүү жана алардын ордуна хань кытайларын жайгаштыруу аркылуу бул аймактын Исламий көрүнүшүнө чек койуу аракетин көрдү. Бирок, Уйгур мусулмандарынын бекемдиги Кытайдын бул кылыгына моюн сунбады. 1933-44-жылдары бул аймакта Кытайга каршы көтөрүлүштөр орун алды. Ошондон бери Кытайга каршы көтөрүлүштөр маал-маалы менен жүз берип келүүдө, 2009-жылы да жүз берди.

2 – Кытай бийлигинин Уйгур мусулмандарына карата душмандык кылуусунун негизги өзөгү – бул Ислам. Ал эми, Кытайдын Исламга карата душмандыгынын өзөгүн түзүп жаткан нерсе болсо, бул мечиттер.

Ошондуктан, Кытай бийлиги 1949-жылы 25 миң мечитти талкалап салган. Синьцзян аймагында 500 чамалуу гана мечит калтырылган. Бүгүнкү күндө Кытай өзүнүн «коммунисттик» экономикасынан жарым-жартылай баш тартып турган учурда, динге карай агылуу күчтүү түс алды, айрыкча жаштар арасында. Мына ушул нерсе Кытайдын бул аймакка карата учурдагы саясатын алып барышка түрттү.

3 – Синьцзян (кытайча «жаңы басып алынган жер» маанисин түшүндүрөт) аймагында мунай ж.б.у.с. табигый байлыктар бар. Ошондуктан, Кытай бийлиги – бул аймактын жергиликтүү жашоочулары болгон Уйгур мусулмандарын Кытайдын ички жагына көчүрүп, алардын ордуна хань кытайларын жайгаштыруу – саясатын алып барды. Уйгур мусулмандары азыр жашоочулардын 10 миллионун түзөт, тактап айтканда, жашоочулардын 40%ын түзүп калышты. Уйгур мусулмандары Түштүк аймактарда жана айылдарда көбөйө баштады. Бул аймактар, айрыкча мусулмандар жашаган түштүк аймактар, кедейчилик менен айырмаланышат. Ошондой эле, этникалык хань кытайлары аз аймактар да жакыр аймактар болуп саналат.

4 – Ушуларга карабастан Чыгыш Түркстанда, айрыкча, айыл аймактарында Исламий көрүнүш кайрадан жанданып жатат. Мезгил-мезгили менен Кытай бийлигин калтыракка салып, анын бийлигине кооп-коркунуч жаратып жатат. Ошондой эле Чыгыш Түркстан Кытайдан бөлүнүп чыгуу аракетине бекем туруп, жардыруулар болуп жатат. Ушундан улам, Чыгыш Түркстан Кытай мамлекетиндеги эң туруксуз аймакка айланып бара жатат. Мунун каршысында, Кытай өкмөтү уйгур мусулмандарынын жашоосун катуу көзөмөлгө ала баштады. Камака алуу, дайынсыз жоготуу иштерин жасап, Кытай өкмөтү аларды чагылдырууну массалык маалымат каражаттарынан тосуп койду. Сыртка качып чыгып үн салган уйгур мусулмандарын да «терроризм» шылтоосу менен сары изине чөп салып, эл аралык коопсуздук күчтөрү (Орто Азия, Пакистан сыяктуу) аркылуу, алардын да көпчүлүгүн камакка алды.

5 – Анткени, Ислам уйгур мусулмандарынын жүрөгүндө тирүү. Мына ушул тирүү күч тогут Кытай бийлигинин жүрөгүнө коркунуч салууда. Кытай өкмөтүнүн диний иштер боюнча жогорку жооптуусу Ван Сюань Кытай Ислам бирикмесинин улуттук конференциясында мыдай деди: «Экстремизм идеясы «ички аймактарга» жылжып кирүүдө». Кытай мамбашы Си Цзиньпин Кытай мусулмандары «жылжып киришине» жол берген мыйзамсыз диний долбоорлорго каршы турууга чакырды. («аль-Мисри явм», «China Daily» гезити, 2016.11.29.). Кытай өкмөтүнүн мындай кооптонуп жатканын «Россия сегодня» кабар агенттиги 2017-жылы 1-мартта жарыялаган маалымат да тастыктап турат. (Кытайдын Синьцзян аймагындагы ж.б. аймактардагы террористтик аракеттердин артында сырткы экстремисттик күчтөр турарын жана ушул нерсе Кытай бийлигин катаал рейддерди өткөрүүгө түрткөндүгүн көптөгөн жолу эскертти).

6 – Чыгыш Түркстан мусулмандары динге бекем туруп, миңдеген мечиттерди курушту, ошондой эле, Ислам пикирлерин жайылтып жатышат. Кытай бийлиги буларга каршы аймакта «агартуу революциясын» кайра жандантууну колго алды. Исламий көрүнүштөрдүн жайылышына катуу каршылык кыла баштады. Мусулмандарды коркууга салган жаңыча кампанияларды ишке сала баштады. Ал кампаниялардын тизмесинен:

а) Паспортторду алып койуу. 2016-жылы 24-ноябрда Би-Би-Си кабар агенттиги: «Кытай бийлиги көпчүлүк жашоочулары мусулмандар болгон Синьцзян аймагындагы жашоочулардын паспортторун милицияга тапшырууларын талап кылды» деп кабарлады. Би-Би-Синин Кытайдагы корреспонденти Стивен Макдонел мындай деди: «Паспортторду тапшыруу талабы полициянын расмий интернет сайтында жарыяланды. Азыр болсо Синьцзян аймагындагы жашоочулардын бардыгына паспортторун тапшыруу талабы коюлду. Кийин полиция бул паспортторду өзүндө сактап калат. Тактап айтканда, бул аймактын бардык жашоочулары азыртан баштап бул талапты аткаруулары зарыл, эгер алар сапарга чыгууну каалашса...».

б) Мусулмандарды ибадаттардан тосуу. 2016-жылы 6-июнда «France 24» сайтында: «Кытай бийлиги Синьцзян аймагындагы мамлекеттик кызматта иштегендердин жана студенттердин рамазан айында орозо кармоосуна тыйуу салды. Ошондой эле, тамактануучу жайларды эшиктерин ачып коюуга милдеттендирди» деп кабар таратты. Мындай иш чараны Кытай бийлиги 2015-жылдан бери өткөрүп келүүдө. 2015-жылы 18-июнда «24 news» кабар агенттиги мындай кабар ачыктады: «Кытай бийлиги Синьцзян аймагындагы мамлекеттик кызматкерлердин, мугалимдердин, студенттердин рамазан айында орозо тутууларына тыйуу салды... тамактануучу жайларды дагы адаттагыдай иштөөлөрүнө милдеттендирди. Павла облусундагы мамлекеттик кызматкерлер да «рамазан айы ичинде орозо тутпоо жана башка диний жөрөлгөлөрдү кылбоо» токтому менен тааныштырылды. Мындай билдирүү жергиликтүү бийликтин сайтында ушул жумадагы жыйынынан кийин кабарланды».

в) «Кытай мусулмандарды куугунтукка алат» аталышы астында динди бекем тутунгандарды куугунтуктоо жана камакка алуу. Сакал койгон жана никоб тагынгандарга айып салуу. 2017-жылы 23-февралда Кытайдын жергиликтүү «Дияр» гезитинин сайтында: «Кытай бийлиги Синьцзян аймагындагы жаш сакал койгондорго жана никоб кийгендерге миң юан (275 евро) айып салынаары тууралуу токтом чыгарды» деп жарыяланды. Хань кытайлары менен уйгур мусулмандарынын ортосунда да чыңалуулар жүз берүүдө. Жергиликтүү «Хотан» гезити: «Хотан өкмөтү акыркы убактарда саясий олку-солкулуктарга күбө болууда. Хотан бийлиги «терроризм» менен күрөшүүгө 100 миллион юан (13.7 милион евро) бөлдү. Кол салуу, бунт чыгаруу, өлтүрүү, баш-аламандык кылуу иш-аракеттери байкалса, бул каражат дагы 5 миллион юанга көбөйтүлөөрү тууралуу да билдирди».

7 – Жогоруда айтып өтүлгөндөй, Кытай бийлигинин Чыгыш Түркстан мусулмандарына карата репрессия кылуу кампаниясы аткарылуу алкагына кирди. Кытай бул жапайы репрессиясын кайсы учурда болсо дагы

ишке салуусу мүмкүн. Кытай бул жапайы репрессиясын актоо максатында, Синьцзян аймагындагы жардырууларды жүйө кармап ишке ашыруусу мүмкүн. Кытай бул аймакка он миңдеген аскерлерин жана брондолгон аскерий техникаларын, вертелотторун алып келип койду. Синьцзяндагы коммунисттик партиянын секретары Чэнь Чуань Жо мындай деди: «Аскерлердин бул аймакка жайгаштырылышы коопсуздукту сактоо жана туруктуулукту камсыз кылууну көздөйт. Анткени, бул аймакта акыркы мезгилде олку-солкулуктар жүз берүүдө». («аль-Жазиира нет», 2017.03.02.).

8 – Тилеке каршы, Кытай бийлигинин Уйгур мусулмандарына карата мындай ыплас иш-аракеттери дүйнөдөгү миллиондогон мусулмандардын көз алдында кылынууда. Алар Кытайдын мындай кылмышына каршы үн катышпады. Анткени, алар чачылган абалда, алардын бирдиктүү бир мамлекети жок. Ислам мамлекети жок. Ар бир кудуреттүү мусулман аны кайра тикелөөгө аракет кыла турган туура жолдогу Халифалык жок. Бир гана Халифалык акы-укуктарды коргой алат. Анын артында туруп жихад кылынат. Сахих Бухариде Абу Хурайра Гдан  риваят кылынат, Пайгамбар с.а.в. айтты:

**«إِنَّمَا الإِمَامُ جُنَّةٌ يُقَاتَلُ مِنْ وَرَائِهِ وَيُتَّقَي بِهِ»**

**«Имам – калкан, анын артында туруп согуш кылынат жана аны менен коргонулат»**. Мына ошондо гана тогут Кытай жана андан башкасы да мындай ыплас репресиясын ишке ашыруудан тыйылып калышат. Анткени, Халифалык бир муштумга эки муштум менен жооп кайтарат. Аллах улуу жана кудурет ээси.

## Кытай менен Индия чек арасындагы кагылышуу

**Суроо:**

*«Рейтер» агенттиги 2020-жыл 20-июнь : «... Индия аткаминерлеринин айтымында, апрель айынан бери алыскы Ладах мөңгүсүнүн аймагында эки тараптын жүздөгөн аскерлери бири-бирине каршы турган, бул жагдай*

*акыркы жылдардагы эң коркунучтуу чек ара чыңалуусун жаратты. Кытай патрулу өзүнүкү деп санаган Индия чек ара тилкесине кирип келгенден кийин чыңалуу жүз берди. Кытай да бул аймакты өзүнүкү деп санайт. Кытай Индиянын бул аймакка жол салуусуна каршы экендигин билдирди...». Кытай менен Индиянын бул чек ара аймагы май айынын биринчи жумасынан бери эки өлкөнүн чекарачылары ортосундагы атышууларына күбө болду. Бул чыңалуу жергиликтүү түрткүлөрдөн келип чыктыбы же анын артында Америка туруп Кытайга кысым көрсөтүүнү каалап жатабы? Бул кагылышуунун оккупацияланган (басылып алынган) Кашмирдеги жана Пакистандагы мусулмандарга тийгизген таасири кандай болот?*

**Жооп:**

Өткөн 5-майда башталган чек арадагы атышуулар Индиянын түндүгүндөгү Ладах бийик чөлкөмүндөгү Жалван өрөөнүндө, андан кийин Натула тоосунун ашуусунда үч күн өткөндөн кийин жүз берди (Гималай жана Индиянын Сикким аймагын Тибет менен байланыштырып турган аймактарда орун алды). Бул атышуулар эки мамлекеттин ортосунда аскердик жана дипломатиялык чыңалууга алып келди. Кытай-Индия мамилелериндеги чыңалуунун тарыхы узакка созулган. Бул чыңалуу 1890-жылы Англия менен Кытай ортосундагы Сикким Тибет деп аталган келишимден кийинки чек арадагы жаңжал көрүнүшүндө көбүнчө орун алып келет. Британия чөлкөмдө үстөмдүк кылып, Индо-Ислам жарым аралын түздөн-түз колония кылып алды, кийин бул аймактан чыгып бара жатканда аны Индия жана Пакистан кылып экиге бөлдү, Кашмирди экөөнүн ортосунда жарылуучу аймак катары ортого таштashты. Ошондой эле, англистер Индия менен Кытайдын ортосундагы чек арадагы көп жерлерди да чыр-чатактарды чыгара турган негизде калтырып чыгып кетишти. Жакынкы аралыкта болуп өткөн чыр-чатактын баянына төмөнкү негизде токтолуп өтөбүз:

Биринчи:

Индия менен Кытайдын ортосундагы чек арадагы атышуулар биринчи жолку эмес. Эки өлкөнүн аскерлери 2013, 2014 жана 2017-жылдары ар кандай деңгээлдеги согуштун алдында турган. Бул окуялар акыркы он жылдыкта болуп өттү. Эки өлкө 1962-жылы айыгышкан чек ара согушунда согушуп, Индия жеңилип, Кытай Кашмирдин түндүгүндөгү Аксай Чин аймагын басып алган. Чыгыш чек арадагы эки мамлекеттин ортосундагы талаш – Британия колониализминин жана Аруначал-Прадеш штатын Индия аннексия кылып алышынын натыйжасы. Колонизатор Британия Индияны узак мезгил колония кылып турган учурунда Кытай менен чек арасын тактаган эмес. Батыш чек араларындагы чыр-чатакка келсек, бул эки мамлекеттин Исламий Кашмир аймактарындагы амбицияларына байланыштуу, бул амбициялар айрыкча 1947-жылдан кийин башталды. Чек ара талаштарынан улам, эки өлкө тең ар башка маалыматтарды жарыялашат. Алардын ортосундагы чек аранын узундугу болжол менен төрт миң чакырымга жакын. Өткөн май айынын бешинде болгон тирешүүлөргө келсек, бул эки өлкө күчтөрү Пангонг Цу мөңгүсүнүн жээгинде кагылышкан кезде болгон, Тибет бөксө тоосунда 14 миң фут бийиктикте болду. Натыйжада эки тараптан тең ондогон аскерлер жаракат алышты. Ошондон бери уланып келе жаткан тирешүүлөрдүн аралыгында күчтөрдү кубаттоо иштери улантылууда. Кытай бул убакыт ичинде Ладахтагы талаштуу аймакка 5000ге жакын аскерди жана бронетехниканы жөнөттү. Бул тууралуу «Business Standard» гезити кабарлады: «Кытай Элдик боштондук армиясынын 5000ден ашык жоокери Ладах аймагындагы беш жана Галван дарыясынын жээгиндеги төрт пунктуга, ошондой эле Панжунг көлүнүн жанындагы аймактарга чабуул койушту...». (www.defense-arabic.co 05.25.20).

Экинчи:

Индия Ладах аймагын Жамму жана Кашмирден бөлгөндөн кийин эки өлкөнүн ортосундагы окуялар курчуду. Ушундан улам, Кытай – Индия премьер-министри Нарендра Моди 2014-жылы Бхарата Жаната партиясы

түзгөн өкмөттүн башчысы катары бийликке келгенден бери – Ладахтын Жамму жана Кашмирден бөлүнүшү стратегиялык себептер менен Кытайга каршы күчөп жаткан Индиянын тирешүүсүн күчөтүү үчүн болду деп түшүндү. Индиянын Ладахты бөлүү ниети жөнүндө Амит Шахтын 2019-жылдын 5-августундагы жарыясына жооп катары Кытай ТИМинин басма-сөз катчысы мындай деди: «Индия ички мыйзамын бир тараптуу өзгөртүүсү Кытайга зыян келтирип, регионалдык эгемендүүлүктү бузат. Бул кабыл алынгыс дагдай». Эки мамлекеттин ортосунда ар дайым болуп келген чек ара талаштары эки негизги аймакта орун алган, биринчиси чыгыш чек ара аймагы. Кытай Аруначал-Прадеш штатын аннексиялоону (кошуп алууну) талап кылып жатат. Бул аймактын аянты 90,000 чарчы километр жана Кытай аны Тибеттин түштүгү деп тааныйт. Индия муну четке кагып келүүдө. Экинчи негизги аймак: Индия Кытай 1962-жылы согушта батыш чек араларында басып алган жерлерди, башкача айтканда, Исламий Кашмир аймагындагы аймакты кайтарып берүүнү талап кылып жатат. Бул Аксай Чиндин аянты 38,000 чарчы километр. Калкы аз болгон чөлдүү жер. Муну Кытай четке кагып келүүдө. Ал тугай, Кытай Кашмир аймагында өз кожоюндугун дагы да кеңейтүүнү талап кылып жатат. Бүгүнкү күндө батыш чек араларындагы Кытайдын талаптары Аксай Чинге чектеш Кашмирдин Ладах аймагынын бир бөлүгүн камтыйт. Ал байыркы Кытайдын «Жибек Жолу» соода жолдорунун бир бөлүгү болчу.

Үчүнчү:

Жакында Индия-Кытай кагылышуулары орун алган Ладах аймагы – Ислам кылымдар бою өкүм жүргүзүп келген Кашмир аймагынын ажырагыс бир бөлүгү. Бул аймак 2011-жылы 29-сентябрда мыйзам менен бөлүп салынганга чейин Жамму жана Кашмир штаттарынын чегинде болуп келген! Бул калкы жыш жайгашкан, бирок өтө стратегиялык аймак. Ал Индиядагы эң бийик бөксө тоолуу жеринде жайгашып Инд дарыясынын өрөөнүнүн жогорку бөлүгүн камтыйт. Бул чыгыштан Кытайдын кызыл сызыгынын чок

(LAC) ортосунда орун алган, батыштан Пакистандын LoC сызыгынын чегинде жайгашкан, түндүккө келсек, Каракорум ашуусу жайгашкан. Ошондой эле Каракорум ашуусу тарапта индус калкы отурукташкан. «Долли Пик Олде» калктуу пункту. Белгилей кетчү нерсе, бул түз эле түрк тилинде – «Кадыр барктуу адамдын өлгөн жери». Бул ысым хижрий 938-жылы, миладий 1531-жылы күзүндө Ладах менен Кашмирди Исламга ачуу үчүн фатхтарга катышкан Яркенд (Жаркент) акими Султан Саид Ханга да таандык экендиги айтылат. Хижрий 939-жылдын аягында Яркендге кайтуу учурунда ал катуу ооруп, ушул жерде өлгөн деп айтылат. Ал эми, азыр бул Исламий жерди Индиянын Кашмир аймагындагы көзөмөл күчтөрү көзөмөлдөп турат. Бул көптөгөн жаракаты бар аймак. Индия Жамму менен Кашмир өрөөнүн жана Ладахты көзөмөлдөгөндөй эле, Кытай Аксай Чин жана Транс Каракорум Трасс аймагын көзөмөлдөйт. Булардын бардыгы Кашмир аймагындагы Исламий аймактар. Ал эми, Пакистан Азад Кашмирди жана Гилгит-Балтистан аймагын гана көзөмөлдөйт, бул, аймактын үчтөн бир бөлүгүнөн да аз аймак. Азад Кашмир Индия тарабынан оккупация болгон чөлкөмдөр менен чектешет, Гилгит эки өлкөнүн: Кытай жана Индиянын көзөмөлүндө турган аймактар менен чектешет. Ислам өлкөлөрүнүн учурдагы аянычтуу абалы астында айрыкча Пакистандын Кашмир аймактары динсиз эки мамлекеттин талашында калды. Индия Ладахтын Жамму жана Кашмир чөлкөмүнүн курамындагы талаштуу аймактардагы укугун талап кылып жатат. Кытай жооп кайтарып, Синьцзяндын (Чыгыш Түркстандын) курамына кирет деп, бул аймактардагы өзүнүн укугун талап кылууда. Бул эки өлкө ушул Ислам аймактарында өз укуктары үчүн күрөшүп жатышат, ошол эле маалда, Пакистан Америкага малайлыгын улантуу үстүндө, ал эми калган мусулмандар унчукпай жатышат.

Төртүнчү:

Кытай Индиянын Ладах аймагына өзгөчө көңүл бурат. Мындан тышкары, бул аймакта буддистер да бар. Анда Борбор Азияга алып барчу эки

байыркы соода жолу бар. Бул нерсе «Жибек жолу» Кытайдын жаңы стратегиясында чоң мааниге ээ. Кытайдын Борбор Азияга алып барчу башка жолдору бар болсо да, Ладах аркылуу өткөн жол Борбор Азиянын калктуу пункттарына жана базарларына жетүү үчүн кыска болот. Мындан тышкары, бул байыркы соода жолдору Кытайдын товарларын Кытайдын чыгышындагы өнөр жай борборлорунан Пакистандын түндүгүнө жеткирүү үчүн Гвадар портуна карганда бул жол көптөгөн аралыктарды кыскартышы мүмкүн. Ошондуктан, Кытай бул долбоор маанилүү экономикалык коридор экендигин эске алып, акыркы жылдары Кытай ондогон миллиард доллар инвестиция жаткырган. Демек, бул жаңжал кытайлардыкындай көз караштa болбой койбойт. Эгер, Кытай Индия менен Урнач Прадеш штаты (чыгыш чек ара) ортосунда башка чек ара талашын ачууну кааласа, анда «экономикалык коридорлордун« артыкчылыктары ишке ашмак эмес. Ал АКШнын аскер-деңиз күчтөрү көзөмөлдөгөн аймактардан, айрыкча Малага булуңун аралап өтүүдөн качып «Жибек Жолу» стратегиясынын алкагында өзүнчө коридорго ээ болууга умтулат. Кытайдын өсүшүн ооздуктоо үчүн Индия АКШнын саясатын жүргүзүп жаткандыгына байланыштуу Кытайдын шек саноолорун төмөнкү иштер бекемдейт:

1 – Коронавирус эпидемиясынан кийин Америка Кытайды ар кандай шылтоолор менен алуунун жаңы жүйөсүн тапты. Вашингтон вирустун жайылганы үчүн Пекин жоопкерчиликти алышы керектиги жөнүндө көптөгөн билдирүүлөрдү берди. Башка өлкөлөрдү, анын ичинде, Индияны атайын вирус Институтунда Ухандагы вирусту иликтөөнү талап кылууга тартты. Экинчи жактан, вирус биринчи жолу Кытайга сокку урганда Кытайдан келген товарлар үзгүлтүккө учурады жана көптөгөн европалык жана эл аралык заводдорго да таасир бергендиги, ошондой эле Кытайдан келген тетиктердин жеткирүү линиясы үзгүлтүккө учурагандыгы Кытай аркылуу өтүп жаткан жеткирүү линиясын токтотуу талабын пайда кылды. Бул тенденция Америка президентинин Кытайда иш алып барган америкалык

компанияларды кайтаруу аракетине да кошумча маанай жаратты. Тагырагы, Кытайдан алып чыгып кетүү аракетине кошумча күч берди. Бээжин бүгүнкү күндө өзүнүн экономикасына эч качан болуп көрбөгөндөй коркунуч туулуп жатканын сезип жатат.

2 – Индия Американын саясаты негизинде иш алып барып жаткандыгы Кытай экономикасын алсыратуу аракети экендигин көрсөтүп турат: «Индиянын аскердик операцияларынын мурунку башкы мүдүрү Генерал Винод Бхатиа «Анадолуга» мындай деди: «Дүйнө жүзүндө Кытай коронавирус эпидемиясынын себептүү ишенимдүү түрдө өзүнүн таасирин жоготуп жатат». Ал кошумчалап айтат: «Өнөр жай компаниялары Кытайдан кетүүнү көздөп жатышат. Бул Бээжинди этибарды коронавирус кризисинен буруууга мажбур кылат». Ал баса белгилеп, коронавирустан кийинки дүйнө «Индия үчүн сонун мүмкүнчүлүк болот...» деди. («Анадолу«, 09.06.20). Индиялыктар айтып жаткан мүмкүнчүлүк чет элдик компанияларды, айрыкча, америкалык компанияларды Кытайдан Индияга көчүрүп өтүү болуп саналат. Кытай Кытайга каршы туруу үчүн Индиянын мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүнүн артында Америка тургандыгын көрүүдө. Америка Индия өзөктүк өлкө болушу үчүн анын өзөктүк программасын колдоду. Ал ага соода-экономикалык мамилелерде артыкчылыктуу позиция жана артыкчылык берди. Ошондой эле, Индия Пакистан менен чектешкен чек арада ондогон жылдар бери орнотулган ири аскердик бөлүктөрдү Кытай менен чектешкен жерге жылдырууга мүмкүндүк алышы үчүн Америка Пакистанды Индия менен болгон чыңалуусун басаңдатууга мажбур кылды. Бул саясат АКШнын Индияга карата жаңы саясаты эмес, балким ал көптөгөн жылдардан бери алып барылып жаткан саясат. Бүгүнкү күндө Америка Кошмо Штаттары ири чет элдик компанияларды Кытайдан чыгарып кетүүгө Индияны катыштырууну да күчөтүп, Индия Кытайдын ордун басуусу үчүн шарт жаратууда. Башкача айтканда, Индиянын Кытай экономикасына сокку урууга катышуусун шарттап жатат.

3 – Белгилей кетчү нерсе, аскердик жактан алганда Кытай өз армиясын бир топ өнүктүрө алды. Бул аскердик бюджети менен Америка Кошмо Штаттарынан кийинки эле жылына 261 миллиард доллар (2019-жыл) сарптаган экинчи өлкө болду. Ал тургай, Кытай Россия, Британия жана Франция сарптаган каражаттарды бириктиргенде да андан ашыкча каражат сарптап жатат. Индия 2019-жылы аскер чыгымдары жагынан Кытайдан кийинки үчүнчү өлкө болуп калды. Анын аскердик бюджети биринчи жолу 72 миллиард долларды чапчыды, бирок анын армиясынын мүмкүнчүлүктөрү Кытайдын Улуттук Армиясынын аскердик мүмкүнчүлүктөрүнө салыштырмалуу анча деле чоң эмес. Эки армиянын аскердик мүмкүнчүлүктөрүнүн мындай чоң айырмачылыгы Индияны Кытай менен кеңири салгылашуу алып барууда 1962-жылкы окуядагыдай эмес, миң жолу өлчөп иш алып барууга мажбур кылат. Мунун бардыгы Индиянын кадимки курал-жарак жагынан Ладах аймагында бир топ артыкчылыктарга ээ болгонуна карабастан, айрыкча, армиянын көптөгөн бөлүктөрү Пакистан менен чектешкен аймактарда жайгашкан. Башкача айтканда, жаңжал орун алып жаткан аймакка жакын аймактарда жайгашкан. Кытай андан айырмаланып, аскерлерин дале жаңжал чыккан аймакка топтогон жок. Бул конфликттүү аймактагы эки мамлекеттин кадимки аскердик мүмкүнчүлүктөрүнүн вакыйын АКШнын Гарвард университети даярдаган изилдөө тастыктады. («Арабий пост«, 31.05.20.). Бирок, бул кагылышуулардан кийин Кытайдын аймакка кошумча күчтөрдү мобилизациялап, батыш чек араларында Индияга каршы аскердик мүмкүнчүлүктөрүн арттырып жатканы байкалды.

4 – 2017-жылы чыгыш чек арадагы Индия жаңжалы 2018-жылы Индиянын премьер-министри Нарендра Моди менен Кытайдын төрагасы Си Цзиньпиндин жолугушуусунан кийин жөнгө салынган. Эки лидер Ухань шаарында 2018-жылдын апрель айында биринчи расмий эмес саммитти өткөрүштү жана ал жолугушууда Си Модинин Индияда экинчи жолугушууга

чакыруу сунушун кабыл алды. («Euro Arab News«, 09.12.20.). Бирок, учурдагы жаңжал Американын Кытайды кыйратуу аракеттеринин көбөйүшү менен дал келди. Бул кошумча чыр-чатактарды жаратып, чыр-чатакты чечүүнү ого бетер кыйындатат. Трамп администрациясы Кытайдын айланасында түзүп жаткан бул жаңы кыйынчылыктарды Пекин толук түшүнүп турат. Ошондуктан «Кытайдын төрагасы Си Цзиньпин шейшемби күнү: «Коронавирус пандемиясынын улуттук коопсуздукка тийгизген таасири астында Пекин куралдуу согушка даярдыктарын күчөтүп, аскердик миссияларды аткара турган мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтөт», - деди». («Sputnik», 26.05.20.). Кытайдын бул билдирүүсү Индияны максат кылбаса да, бирок Америка коронавирустун жайылгандыгы үчүн жоопкерчиликти Кытай өзүнө алышы керек деген ниетинин артында курчап турган коркунучту сезип, ошого карата билдирди. Ошондуктан, Кытай АКШнын аймактагы союздаштарын, анын ичинде Индияны камтыган аскердик планын токтотуу максатында өзүнүн аскердик мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүүнү ойлонуп жатышы мүмкүн. Кудум жакын душмандарына Америка менен кызматташпоо жөнүндө билдирүү жөнөтүп жаткандай, болбосо, Кытай армиясы аларга чоң зыян келтириши мүмкүндүгү билдирип койуу таризинде. Балким, Кытайдын Мамлекеттик Коопсуздук Министиринин 2020-жылдын апрель айынын башында Бээжинди аскерий тирешүүгө даярдануину талап кылган чалгындоо отчетунда Американын Кытайга каршы пландары канчалык олуттуу экендигин көрсөтүп жаткандай. Балким, Индиянын аскердик чыгымдары тездик менен жогорулап, 2019-жылы биринчи жолу 72 миллиард доллар жетиши. Ошондой эле, Индия армиясынын ири курал келишимдери да Кытайдын кооптонуусуна түрткү жаратты. Мунун бардыгы Кытайга түздөн-түз коркунуч туудурат. Индия буга канааттанып жатат. Анткени, ал Американын Кытайга каршы саясатында найза башы ролун аткарууда. Индия Кытай менен талаштуу чек ара аймактарында жүзөгө чыгарган инфраструктуралык долбоорлор, куралданууну тездетүү менен

Кытай-Индия мамилелеринин келечегине байланыштуу Кытайга карата көбүрөөк тынчсызданууну жаратууда.

5 – Акыркы мезгилдерде Индия менен Кытайдын ортосунда жаралган жаңжалда Американын позициясы албетте Индияны колдойт. АКШнын мамлекеттик департаментинин Түштүк Азия маселелери боюнча жогорку кызматкери, элчи Элис Уэллс Кытайдын Ладахтагы аракеттерин Пекиндин Түштүк Кытай деңизиндеги чагымдарына байланыштырып сынга алды. («NEWS 18», 21.05.20.). Ошондой эле, Өкүлдөр палатасынын тышкы иштер боюнча комитетинин төрагасы Эллиот Энгель мындай билдирүү берди: «Мен Индия-Кытай чек арасындагы көзөмөл сызыгында Кытайдын агрессиясы уланып жатканына абдан тынчсызданамын. Кытай эл аралык укукка ылайык талаш-тартыштарды чечүүнүн ордуна, коңшуларын коркутууга даяр экендигин дагы бир жолу далилдеп жатат... Мен Кытайды стандарттарды урматтоого жана Индия менен болгон чек ара маселелерин чечүү үчүн иштеп жаткан дипломатияны жана механизмдерди колдонууга чакырам». («АКШ мамлекеттик департаменти, 01.06.20.). Буга кошумча, Америка бул чек ара талаштарынан пайдаланып Кытайга карата кысым өткөрүү саясатын алып баруу, Кытайдын аймактагы таасирин чектей турган чек ара жаңжалдары сыяктуу шантаждар менен аны алек кылуу менен тузак коюуга аракет кылып жатат. Анын натыйжасы Кытайдын иштерине кийлигишүүсү болуп саналат. Ошондуктан, Трамп Индия менен Кытайдын ортосунда жаңжал чыкканда ортомчулук кылууну сунуштады. Мындан максат эки тараптын ортосундагы чечимди өз кызыкчылыгына ылайык көзөмөлдөө. Трамп 2020-жылы 27-майда Твиттердеги баракчасында мындай деди: «Биз Индия менен Кытайга Америка Кошмо Штаттары алардын ортосундагы учурдагы чек ара талашында ортомчулук кылууга же негизги ролду аткарып берүүгө даярдыгын билдирдик», - деди. («Алхуррату», 27.05.20.). Кытайдын четке кагуусу: «Кытай тышкы иштер министрлигинин өкүлү Чжао Легян: «Эки

өлкө өз ара келишпестиктерди чечүү үчүн үчүнчү тараптын «кийлигишүүсүн» каалабайт». («Анадолу», 09.06.20).

Алтынчы: Ага карабастан, Америка тынчып калган жок, ал үчүн дүйнөдөгү эң маанилүү региондордун бири болгон региондо өз ишин улантты. Ал ишин Кытайга каршы масштабдуу түрдө Түштүк Кытай деңизинде тикелей жана кыйыр түрдө каршылык көрсөтүүгө аракет кылуу менен улантты. Бирок Америка мындан ары бардык жерде согуштарды жүргүзө албайт жана дүйнөнүн көпчүлүк аймактарында өзүнүн күчтүү таасирин сактап кала албайт, бирок өзүнө малайлык кылган аймактык жана жергиликтүү күчтөргө таянуу менен улантат. Коронакризиси Америка кризистерди жөнгө салып жаткан өлкө эмес, тескерисинче, вируска туруштук бере албай турган мамлекет катары шермендесин чыгарды! Американын бул ийгиликсиздиги расалык дискриминация маселеси күчөгөндөн кийин да күч алды, ак америкалык полицей кара америкалык жаранды думуктуруп өлтүргөндөн кийин анын эл аралык деңгээли түшүп дүйнөгө абийири ачылды... Азырынча Кытай жеригиликтүү ири держава. Ушул себептен улам, Америка өз кызыкчылыктарына жетүү жана өз таасирин сактап калуу үчүн мурункуга караганда азыр башка мамлекеттерге көбүрөөк таянууга көз каранды болуп калды. Индия бийлиги ыктыярдуу деңгээлде Америка кызыкчылыгын аткарышы жана натыйжалары ар дайым Американын пайдасына болушу үчүн өбөлгө жаратуу максатында Америка Индияда анын кадрлары бийликке келишине аракет кылды. Америка Бхаратия Жаната партиясын бийликке алып келүү үчүн бардык күч-аракетин жумшады, ошондуктан Вайппейи жетектеген америкалык тараптын партиясы Индияда 1998-жылдан 2004-жылга чейин бийликте болду. 2004-жылы шайлоодо ал партия Конгресс партиясына утулуп калган. Америка аны кайра бийлике алып келүү үчүн 2014-жылы аракет кылып бийликке алып келди, ал дагы эле бийликте турат. Анын натыйжасында Америка Индияны Кытайга каршы пайдалана баштады. Индия бул ролду ойной алышы үчүн, Америка

Пакистанды бейтарапташтырып, Индия менен болгон чыр-чатактан алыстатты жана Индияны Кытай менен болгон кагылышууларга баруусуна түрттү. Өткөн жылы Индия Кашмирди басып алып, ал Индиянын курамына киргенин жарыялаган кезде Пакистан акимдери буга кайдыгер мамиледе болду. Бул тууралуу биздин 2019-жылы 8-августта чыккан суроо-жоопто айтылган:

«Американын баамында, Кашмир жаатында Индия менен Пакистан ортосунда уланып келе жаткан кескиндик Индия жарым аралынын Кытайга каршы күрөшүнө терс таасир кылууда... Ушул себептен улам, ушул кескиндикти жоюу үчүн Кошмо Штаттар Индия менен Пакистан ортосунда мамилелерди нормалдаштырууга аракет кыла баштады. Максат – бул эки мамлекетти Кашмир үчүн бири-бири менен согушуусунан алыс кармап, алардын аракеттерин Кытайдын өнүгүшүнө каршы Кошмо Штаттар менен кызматташууга багыттоо. Америка «Кашмирди Индия аннекция кылып алса, мен Пакистанга басым кылып, Индияга каршы аскерий аракет кылуусуна жол бербей, теманы сүйлөшүү тарапка бурамын, ошондо Индия-Пакистан проблемасы чечилет» деп ойлоп жатат. Кудум Фалестиндеги Аббас режими жана араб мамлекеттери менен яхудий мамлекети ортосундагы аскерий аракетти алдын алганы сыяктуу...». Пакистандын башкаруучулары буга милдеттеништи жана премьер-министр Имран Хан мындай деди: «Эгер Индия Пакистанга кол салса, Пакистан өкмөтү Индиянын өкмөтүнө тийиштүү жооп берет». («Анадолу», 30.08.19.). Башкача айтканда, Кашмирди азат кылуу үчүн эмес!!! Бир айга жакын убакыт өткөндөн кийин ал: «Эгер Индия бошотулган Кашмирге кол салса... Армия башчысы Бажва Пакистан армиясы Индияга каршы турууга даяр деп мени ишендирди», - деди». («Geo News» каналы, 29.12.19.). Башкача айтканда, Азад Кашмир менен Жамму Индиянын көзөмөлүнөн азат кылынбайт.

Жетинчи: Кытай менен тыгыз мамиледе болгон Пакистанга келсек, Кытай Индиядан тартып алган Аксай Чин аймагындагы бардык укуктарды

талап кылбайт. Бул Кашмирдин бир бөлүгү болуп саналат. Ошондой эле, ал Индиянын көзөмөлүндөгү Кашмир Ладах аймагында эч кандай укуктарды талап кылбайт, Кытай анын бир бөлүгүн талап кылып жатат! Пакистандын ант берген душманы Индиянын Кытай менен болгон кагылышууларда Кытай Индиянын мурдун сындырат деп өзүнүн кубанычын көрсөткөн Пакистан бул жолку жаңдалда үн каткан жок. CNN News-18 бул унчукпастыка таң калды (26.05.20.). Ага Пакистандын баардык маалымат каражаттары да кирди жана адаттагыдай эле бул жаңжалда өзүнүн ролун билдирген жок. Бул сүкүт сактоо Американын кысымы астында гана болду. Америка Индиянын Пакистан менен болгон мамилелеринде өзүн ыңгайлуу сезишин каалайт. Индияга карата Пакистан тараптан эч кандай кооп коркунуч болбошу керек. Кудум Пакистан армиясы эгер Индия Кытай менен согушка кирсе, ага жардамга келе калчудай. Мунун бардыгы Индия Пакистан менен чектешкен чек арасындагы аскерлерин Кытай менен чектешкен аймакка жайгаштырышына шарт жаратуу алкагындагы иштер. Анын натыйжасында Кытайга басым жасоо үчүн жакшы өбөлгө жаралат. Кытай армиянын күчүн Кытай деңиз аймагына топтобостон, чачырап жайгаштырууга мажбур болот. Кытай аскердик ресурстары түштүк-батышта Индия менен тирешүүгө жана деңиздеги негизги душмандарга каршы турууга даярдануу үчүн бөлүштүргөндө согушсуз эле Кытай алсырайт. АКШнын деңиз флоту жана Жапон армиясы да Кытайга каршы күчүн арттырып жатышат.

Сегизинчи: Ушунун бардыгында, Кашмир аймагындагы мусулмандар өзүлөрүнүн жериндеги аймактар эки динсиз мамлекеттин ортосундагы конфликтке айланды деп эсептешет. Экөө тең аны талап-тоноп, башкарууну каалашат. Ошол эле маалда, Пакистан жана башка мусулман башкаруучулары көрсө да көрмөксөн, укса да укмаксан болуп алышкан маал. Тескерисинче, Пакистан Кашмирдин куралдуу топтору Индияга зыян келтирбеши үчүн алардын артынан кууп, куугунтукка алып турган учур. Пакистандын бул кылыгы жана Кытай-Индия жаңжалы Кашмирдеги

мусулмандарды алсыратып жатат. Ушул себептен улам, Кашмир Индиянын оккупациясына бетме-бет туш болду. Буга чейин Кашмир Пакистан армиясы тараптан катуу колдоого алынып келген. Бүгүнкү күндө Кашмир Пакистан тарабынан эч кандай жардамсыз эки ири динсиз мамлекеттин талашында калды, Америкага баш ийген Пакистан Индия менен болгон карама-каршылыктуу күрөшүнөн акырындап баш тартууда!!!

Индия менен Кытайдын ортосундагы жаңжал Ислам аймактарын бөлүп-жарып жатканы өкүнүчтүү. Айрыкча Кашмир жана анын айланалары. Индия Кытайдан 1962-жылы согушта батыш чек араларында басып алган жерлерди кайтарып берүүнү талап кылып жатат. Бул, Исламий Кашмир аймагынын Аксай Чин аймагы. Кытай Аксай Чинге чектеш Кашмири Ладах аймагынын бир бөлүгүн талап кылып жатат. Кыйта бул аймактарда өзүнүн укугун талап кылып, ал Синьцзяндын курамына кирет деп жүйөө келтирүүдө, тактап айтканда, Чыгыш Түркстан аймагына кирет деп. Эки өлкө ушул Ислам чөлкөмдөрүндө күрөшүп жатышат, ал эми Пакистан Америкага малайлыгын көргөзүп кызматтын улантууда, калган мусулмандар унчукпай жатышат! Мусулмандар өз иштери себептүү оор жошоого кептелип калышты. Улуу азиз Аллах эң туура айткан:

«Ким Менин эскертмемден жүз үйрүсө, анда, албетте ал үчүн бактысыз жашоо болот жана Биз аны кыямат күнүндө сокур абалда тирилтебиз» [20:124]

Эй мусулмандар, силер чыныгы улуулукка жетип кутулууңар – Аллахтын аяттарына, Пайгамбар агахадистерине ээрчип, Аллахтын өкүмүн тургузуп, туура жолдогу Халифалыкты тикелөөңөрдө гана болот. Бул туура жана жихад жолу, бул улуулук жана кордуктан кутулуу жолу. Расулуллах ﷺ Абу Хурайрадан риваят кылынган муттафакун алайх хадисте айтат:

«Халифа – анын артында туруп согуш кылына турган жана аны менен коргонула турган калкан».

**30-шаввал, 1441-х. 21-июнь, 2020-м.**

**Кытай-Араб мамлекеттери саммитинен көздөлгөн максаттар**

*Суроо: 2022-жылы 12-декабрда «Ал-Жазира» веб-сайты ушул кабар таратты: «Саудия борбору Эр-Риядда жума күнү көптөгөн араб жетекчилери менен Кытай жетекчиси Си Цзиньпиндин катышуусунда Булуң Кызматташтык Кеңеши мамлекеттеринин жетекчилеринин 43-саммити, Кытай-Булуң мамлекеттери саммити жана Кытай-Араб саммити болуп өттү». Суроо: Эр-Риядда Кытай менен Сауд Арабия, Фарс булуңу мамлекеттери жана араб мамлекеттери ортосунда болуп өткөн саммиттерден эмне максат көздөлгөн? Бул саммиттер өзүнүн саясий таасирин кеңейтүү жана өзүн ири эл аралык таасир ээси катары көрсөтүү үчүн эл аралык көп полярдуулукка чакырып жаткан Кытайдын Россия колдонуп жаткан зомбулук ыкмага альтернатива ыкмасыбы? Араб регионундагы өкүмдарлардан бул чакырыкка татыктуу жооп болобу? Американын буга мамилеси кандай?*

**Жооп:** бул суроолордун жообун аныктоо үчүн ушуларды карап чыгабыз:

Кытай жетекчиси Си Цзиньпин 2022-жылы 8-декабрь күнү Сауд Арабияга сапар кылып, король Салман жана канзада Мухаммад ибн Салман менен жолугушту. Си Цзиньпин жылуу тосуп алынды жана эки мамлекет ортосунда энергетика жана инфраструктура тармагында кеңири көлөмдүү экономикалык кызматташтык келишимдер, 30 миллиард долларлык келишим түзүлдү. Кытайдын «Бир кур, бир жол» стратегиясынын алкагындагы долбоорлорду Ибн Салмандын 2030-жылга карата «көңүл ачуу» долбоорлоруна шайкеш келтирүү үчүн келишимдер түзүлдү. О.э. Кытай продукцияларын региондо сатуу үчүн Сауд Арабияны негизги борборго айлантуу маселеси да талкууланды. Эртеси күнү Эр-Риядда Кытай-Булуң мамлекеттери саммити болуп өттү жана ошол күнү эле көптөгөн араб «жетекчилеринин» катышуусунда Кытай-Араб мамлекеттеринин саммити болуп өттү. Кытайдын тышкы иштер министрлиги бул саммиттер: «Кытай Элдик Республикасы түзүлгөндөн бери Кытай менен араб дүйнөсү

ортосундагы эң ири жана эң жогору даражадагы дипломатиялык иш-аракет», – деди. («Би-Би-Си», 2022-жыл, 8-декабрь). Эки саммитте араб мамлекеттери менен Кытайдын ортосундагы шериктештикти жана экономикалык кызматташтыкты бекемдөөгө өзгөчө көңүл бурулду. Корутунду декларацияда учурдагы эл аралык эреже жана мамлекеттердин суверенитетин урматтоо, күч колдонбоо, жакшы кошуначылык, Фалестин меселеси борбордук орунду ээлеши жана ядролук куралдардын жайылышын алдын алууга каратылган келишимдерди колдоп-кубаттоо сыяктуу жалпы маселелер баса белгиленди. Кытай-Булуң мамлекеттери саммитинин корутунду декларациясында Кытай Иранды сындап, аны өз кошуналарын урматтоого чакырды. «Кече Булуң мамлекеттери менен Кытай Эр-Риядда болуп өткөн Кытай-Булуң мамлекеттери саммитинин акырында биргелешкен билдирүү берди. Билдирүүдө Иран өзүнүн аймагы деп эсептеген үч арал проблемасын эки тараптуу сүйлөшүүлөр аркылуу тынчтык жолу менен чечүүгө багытталган Бириккен Араб Эмираттарынын демилге жана аракеттерин колдоп-кубаттоо баса белгиленди». «Алар Иранды ядролук келишимге кайтуу үчүн сүйлөшүүлөргө олуттуу катышууга чакырышты». («Маядин», 2022-жыл, 10-декабрь). Иран Кытайдын бул позициясына наараздылык билдирүү үчүн Тегерандагы Кытай элчисин тышкы иштер министрлигине чакырды.

АКШнын жаңы стратегиясына ылайык, Кытай АКШ үчүн дүйнөдөгү эң чоң коркунуч катары каралат. Чынында, Кытай бүткүл дүйнө бойлоп амалий таасир өткөрө алат. Кытай экономика боюнча дүйнөдө АКШдан кийин экинчи орунда турат. Ал аскерий бюджет боюнча да дүйнөдө экинчи орунда турат. Ушул себептен улам, Америка Кытайдын иш-аракеттерин күзөтүп, аны өнүгүшүн тосуу үчүн пландарды иштеп чыгууда. Кала берсе, АКШ президенти Жо Байдендин акыркы Тайвань кризиси жөнүндөгү билдирүүлөрүнөн көрүнүп тургандай, АКШ Кытай менен согушка даярданууда. АКШ Кытай жетекчисинин бул сапарына мындай түшүндүрмө берди: «Ак үй шаршемби күнү жарыялаган билдирүүсүндө Кытай башчысы

Си Цзиньпиндин Саудияга сапары таң калычтуу эместигин, себеби, Пекин «Жакынкы Чыгышта өз таасирин күчөтүү үчүн аракет кылып жатканын» айтты. Ак үй Улуттук коопсуздук кеңешинин стратегиялык мамилелер боюнча координатору Жон Кирби: «Биз Кытайдын бүткүл дүйнө бойлоп өнүгүүнө аракет кылып жаткан таасирин билебиз. Жакынкы Чыгыш, шексиз, алар өз таасирин тереңдетүүнү каалаган региондордун бири… Кытай президенти Си Цзиньпиндин Сауд Арабияга сапары да, Жакынкы Чыгышты тандаганы да таң калычтуу эмес», – деди. («CNN Arabic», 2022-жыл, 8-декабрь).

Башка тараптан, Кытай да Америка чакырган нерсеге чакырып, Американын эл аралык эрежесине каршы эместигин көрсөтүүгө аракет кылууда. Муну Кытай башчысы сапар учурунда ачык айтты. Себеби, саммиттин корутунду билдирүүсүндө эл аралык укукка негизделген эл аралык эрежени коргоо, ядролук куралдын жайылышын алдын алуу жана терроризмге каршы күрөшүү өзгөчө баса белгиленди. Кала берсе, Эр-Риядда болуп өткөн Кытай-Араб саммитинин корутунду билдирүүсүндө мамлекеттердин суверенитетин урматтоо, күч колдонбоо же күч колдонуу менен коркутпоо, жакшы кошуначылыкты колдоо зарыл экендиги баса белгиленип, бул, Россияны ачык эмес сындоону өзүнө камтууда. Бул – Россия-Украина согушуна ишара. Корутунду декларацияда Кытайдын Иранды сындаганы, жакшы кошуначылыкка жана Фарс булуңу мамлекеттеринин ички иштерине аралашпоого чакырганы Иранга көптөн бери ушундай сындарды айтып келе жаткан Батыш мамлекеттери жана Америка менен биригүү катары бааланууда. Иран наразылык билдирүү үчүн Кытай элчисин тышкы иштер министрлигине чакырышы Россия, Кытай, Иран жана Түндүк Корея тарабынан айтылган «жаңы эл аралык лагерди» куруу жөнүндөгү сөздөрдүн вакиъси жок, чындыкка туура келбеген куру кыял экенин дагы бир ирет көрсөттү.

Арабдардын Кытай менен мамилелерине келсек, Сауд Арабияда болуп өткөн бул саммиттерде эл аралык өзгөрүүлөр жок. Туура, Саудия бийлиги 2022-жылы июль айында Сауд Арабияга келген АКШ президенти Жо Байденге көрсөтпөгөн меймандостукту жана урматты Кытай жетекчисине көрсөттү. Бирок, бул нерсе Сауд Арабиянын демократтар, президент Байден менен келишпестигине Саудия республикачылардын тарабын алганынан кабар берет. Мындан тышкары, президент Байден Сауд Арабиянын мураскер канзадасы Ибн Салманга жетиштүү урмат көрсөтпөйт. О.э. Араб мамлекеттери Индия жана Германия менен да стратегиялык шериктештик келишимдерди түзгөн. Бул нерсе алардын садакаты жана саясий көз карандылыгы өзгөргөнүн билдирбейт.

Кытай жанында турган, өзүнүн бир бөлүгү катары көргөн жана ушул күнгө чейин өзүнө кошуп ала албаган Тайвань жана кошунасы Вьетнам менен саясий проблемаларды башынан өткөрүүдө. Андан тышкары, бир нече мамлекеттер менен аралдар проблемасына туш болгон. Анын жакын достук мамилеси дээрлик Түндүк Корея менен чектелген. Ушул себептен улам, Кытай араб регионундагы жетекчилер Америка менен Англияга катуу байланганын билгендиктен региондо Кытайга карата саясий садакат пайда кылмакчы эмес жана пландаган да эмес. Ошондуктан, Кытай жетекчисинин сапары, саммиттерди өткөрүшү жана көлөмү канча болушуна карабастан экономикалык келишимдерди түзүшү саясий көз карандылыкка эч кандай тиешеси жок. Бул саммиттер мамлекеттер ортосундагы ачык-айкын экономикалык мамилелерден болуп, алар жалаң гана экономикалык деп эсептөө керек. Бул саммиттердин саясий маңызы регионго же регион жетекчилеринин саясий көз карандылыгына эч кандай тиешеси жок. Мисалы, Кытайдын Иранды сындаганы Батыштын позициясына ээрчүү болуп эсептелет. Кытай Иранды сындаган дүйнөлүк кербенден тышкары эмес экенин жана Фарс булуңу мамлекеттери менен биргеликте Иранга каршы саясий аралашууга барбастыгын ырастамакчы. Бул корутунду билдирүүдө

мамлекеттердин суверенитетин урматтоо, күч олдонбоо жана жакшы кошуначылыкты урматтоо сыяктуу Россияны ачык оозго албаган сын пикирлердин айтылышы да Кытай Украина согушунда Россия менен союздаш абалында эместигинин жана дүйнө менен мамиле кылууда тынч дипломатиялык жандашууга амал кылышынын көрсөткүчтөрүнүн бири катары кабыл алынууда.

Кытай экономикалык жактан Фарс булуңу регионуна жакындашууда. Себеби, ал Америка менен Европа Кытай өнөр жайы тизмегин, айрыкча, Батыш базарларына экспорттоо тизмегин үзүп коюшунан коркот. Бүгүнкү күндө Европада Россия энергия ресурстарына көз карандылык стратегиялык жаңылыштык экени баса белгиленүүдө. Кудум ушундай талкуу Батыштын Кытай өнөр жай тизмегине көз каранды экендиги жөнүндө да болушу мүмкүн. Түпкүлүгүндө, бул талкуунун күчтүү белгилери эбак эле пайда болгон. Германия тышкы иштер министри Анналена Бербок мындай деди: «Германиянын Россия менен болгон тажрыйбасы ушуну көрсөттү: биз баалуулуктарыбызды тилектеш болуп бөлүшпөгөн эч бир мамлекетке көз каранды болбошубуз керек. Экономикалык көз карандылык бизди саясий шантаждарга кептейт». («Маядин», 2022-жыл, 2-ноябрь). Германия канцлери Олаф Шольц Пекинге расмий сапар кылар алдында «Франкфуртер цайтунг» гезитинде анын макаласы жарыяланды. Шольц өз макаласында: «Германия «марксисттик-лениндик саясий жандашууга» карай бара жаткан Кытайга өз «жандашуусун» өзгөртүшү керек», – деген. Ал немис компаниялары Кытай камсыздоо тизмегине «кооптуу байланышты азайтуу» үчүн чараларды көрүшү керектигин кошумчалады». («Шаркул Авсат», 2022-жыл, 4-ноябрь). Ушул көз караштан келип чыгып жана муну алдын алууга аракет кылган Кытай Батышка болгон камсыздоо тизмегинде, айрыкча, энергия маселесинде Россия башынан өткөргөн абалды алдын алуу үчүн профилактикалык чараларды көрүүдө. Кытайдын ушул күнгө чейин көргөн айрым профилактикалык чаралары ушулар:

а) Өзүн Россиядан алыс кармоо: Кытай Россия президенти Путиндин Украинада ийгиликке жетишине жана мунун натыйжасында Россия чоңураак дүйнөлүк ролду өз мойнуна алышына үмүт кылган эле. Ошондуктан, Россия-Украина согушунун башында Кытай белгисиз позицияны кармандые. Бирок, Америка менен Европа көрсөткөн чоң жардамдар Украинанын күчтүүлүгүн бекемдеди. Ошол замат Кытай Россиядан алыстай баштады жана Россияны ачык оозго албастан, сындаганды көбөйттү. Кытай Коммунисттик партиясынын (2022-жыл, октябрь) акыркы жайынынан кийин жана Президент Си Цзиньпин бийлик тизгинин толук өз колуна алып, атаандаштарын партиянын саясий мекемесинен «дисквалификация» кылгандан кийин Кытайдын Россиядан алысташканы байкалды. Кийинчерээк ал алысты көрбөгөн Россиядан дагы да алыстады. Америка менен Европа мамлекеттери Россиянын энергия тизмегин кесип салгандай, Кытайдын өнөр жай тизмегин кесишин Пекин көңүл сыртында калтыра албайт. Кытай муну эсепке алат.

б) Батыштын позицияларын ээрчүү: Кытай (америкалык) эл аралык эрежеге берилгендигин жарыялай баштады жана Батыш сындаган нерселерди, мисалы, Ирандын Фарс булуңу мамлекеттеринин ички иштерине аралашуусун сындады. Муну менен Кытай кээ бир мамлекеттер тарабынан жүргүзүлүп жаткан жырткыч саясатты четке каккан «маданияттуу» мамлекеттердин бири экенин Батышка көрсөтмөкчү. Ыктымал, Кытайдын жакынкы күндөрдө Тайвань менен аскерий кескиндикке баруудан качуу, АКШдан кескиндикти төмөндөтүүнү өтүнүү жана Түндүк Кореянын ядролук кризисин чечүүгө жардам берүү сыяктуу позицияларды алга сүрүшүнө күбө болорбуз. Булардын бардыгы Америка менен Европанын Кытайдан бара турган өнөр жай камсыздоо тизмегин үзүү саясатын алдын алууга каратылган.

в) Экономикалык альтернативалар кызыгуунун күчөшү: араб мамлекеттеринин базарлары Батыштын базарлары сыяктуу маанилүү

болбосо да, Кытай дагы эле аларды альтернатива базар катары карайт. Башкача айтканда, Кытайдын Америка менен Европага болгон камсыздоо тизмеги кесилсе (же кыскартылса) араб базарлары – ал тургай, Америка менен Батыш базарларына салыштырганда али да маргиналдуу болсо да – өзүнө жараша альтернатива болушу мүмкүн. Араб мамлекеттеринин базарлары, Африка жана Латын Америка базарлары менен бириккенде, Кытайга көз карандылыкты азайтуу үчүн Америка менен Европада пайда болгон жаңы тенденциялар менен буулуп калган Кытай экономикасына дем тартуу мүмкүнчүлүгүн берет.

Араб мамлекеттеринин экономикалык абалына келсек, Булуң же араб мамлекеттери болсун, бул саммиттерге мындай назар салууга болот:

а) Араб мамлекеттеринде ондогон жылдарга созулган башкаруу кеңири көлөмдүү ийгиликсизликке учураган, бул мамлекеттер кимдир бирөөнүн ширеңке жагышын күтүп жаткан куурап калган токойлорго окшоп калды. Бул мамлекеттердин айрымдары элден алынган салыктардын жарымынан көбүн пайызга алган карыздарынын пайыздарын төлөөгө сарпташат. Бул мамлекеттердин валюталары кескин кунсузданды. Алардын ийгиликсиз экономикалык саясаты жана Батышка абдан көз карандылыгынын натыйжасында баалар кескин көтөрүлдү. Бул болсо, нааразылыктарга себеп болуу коркунучун пайда кылууда. Булуң мамлекеттеринен тышкары дээрлик бардык араб мамлекеттери олуттуу экономикалык проблемаларды башынан өткөрүүдө. Бул акыйкат өкүмдарларды Кытайды потенциалдуу экономикалык куткаруучу катары көрүүгө мажбур кылат. Ошентип, алар Кытайдан көбүрөөк кредит алуу жана Эл аралык Валюта Фондунун кээ бир оор шарттарынан кутулуу мүмкүн деп ойлошууда. Кытай чет элдеги өзүнүн ири долбоорлору себептүү бул мамлекеттерге чоң инвестиция жаткырышы мүмкүн. Ушул инвестициялар өкүмдарлардын кабинеттеринде кеңири жайылган бийликтин коррупциясы себептүү жетекчилер жана алардын шериктери үчүн пайда алып келиши турган иш.

б) Америкага келсек, анын экономикалык проблемалары малайларына болгон көз карандылыгын дагы да күчөттү. Буга Трамп администрациясы Сауд Арабия менен түзгөн куру кыялдагы курал келишимдери мисал боло алат. Ушул себептен улам, мурун Американын малайлары Британиянын малайы болгон Катарга басым өткөргөнү сыяктуу Америка бүгүнкү күндө өзүнүн экономикалык кызыкчылыгы үчүн башка мамлекеттердин малайларына басым өткөрүүдө. Ал тургай, Катардын Америкага жаткырган инвестициясы өкүмдарлардын бийликте калышы үчүн куткаруучу нерсеге айланган. АКШ президенти Трамп региондогу өкүмдарлардан АКШ аларды коргогонунун акысына каражат төлөөнү талап кылды. Бул өкүмдарлар чоң проблемаларга туш келгени үчүн Америка аларды экономикалык жактан Кытай тарапка бет алышына каршылык билдирбей жатат же өзү ушуга үндөп жатат. Ыктымал, бүгүнкү күндө АКШ Кытайдын өнүгүшүн токтотуу саясатынын бир бөлүгү катары региондогу Америка малайларына көрсөтүп жаткан экономикалык жардамы менен Кытай экономикасын алдан тайдырууну пландап жаткан болушу да мүмкүн. Башкача айтканда, Кытай-Араб экономикалык кызматташтыгы жана шериктештиги бул өкүмдарлардын АКШга берилгендигине эч кандай коркунуч туудурбайт.

Жогоруда айтылгандардан белгилүү болгондой, Кытай бул саммиттерден биринчи кезекте экономикалык максаттарды көздөп жатат. Ал саясий таасирин күчөтүү үчүн араб регионунда Америка жана Европа менен атаандашпайт. Себеби, анын мүмкүнчүлүктөрү жана эрки өтө күчсүз. Ал тургай, Кытай жанындагы Чыгыш Азияда да саясий таасирин өз пайдасына чече албайт. Кытай бул саммиттер жана экономикалык кызматташтык келишимдери менен, Булуңдан келип жаткан энергия булактары болобу, Кытайдын өнөр жайы үчүн араб өлкөлөрүнүн базарлары болобу, араб регионунун экономикасын азыктандыруучу артерия кан тамыры болууну каалап жатат. Ал өзүн цивилизациялашкан дүйнөнүн бир бөлүгү экендигин, Түндүк Корея жана Иран сыяктуу Батыш «каракчы мамлекеттер» деп атаган

мамлекеттер лагеринин бир бөлүгү эместигин билдирүү үчүн бул жана башка абалдардан пайдаланууда. Кытай бүгүн Россиянын мойнуна оролуп, муунтмакчы болуп жаткан эл аралык изоляцияга ага таасир кылышын каалайбат. О.э. Батыш мамлекеттери Кытайга басымын күчөтүп, анын өнөр жай камсыздоо тизмегин кесип салганда Батыш базарларына альтернатива катары араб региону, Африка жана Латын Америка менен бекем экономикалык байланаштарга ээ болууну каалайт. Кытай Батыш менен кызматташуу жана Россиядан алыстоо саясаты менен муну алдын алууга же жумшартууга аракет кылууда.

Баса белгилеп айтсак, бул саммиттерде Кытай жетекчиси менен өткөргөн «достук» жолугушууларда Шинжан-Уйгур «Чыгыш Түркстан» мусулмандарына каршы Кытайдын жырткыч иш-аракеттерин күн тартибине алып чыгуу «араб жетекчилеринин» оюна да келбеди. Кудум эч нерсе болбогондой, талкууланган да жок! Бул араб өкүмдарларынын олуттуу кыянаттары жана алсыздыктары о.э. мусулмандардын иштерине кайдыгер экендигинен кабар берет. Элдин башчыларга катуу душмандыгы, башчылардын бардык саясаттары бүтүндөй кыйрагандыгы жана элдин турмушундагы эч кандай проблеманы чече алышпаганы да бул өкүмдарлардын негизги көйгөйү өздөрүнүн тактыларын коргоо экенин далилдейт. Кудум Кытайдын уйгур мусулмандарына каршы кылмыштары башка дүйнөдө болуп жаткандай, сүйлөшүүлөр экономикалык алакалар жана эл аралык соода-сатык мамилелерине каратылды!

Бүгүнкү күндө араб өкүмдарлары, ал тургай, мусулман өкүмдарлары Халифалык кулатылгандан бери эң жаман абалга түшүп калган. Бул алардын күнү бүтүп калганынан кабар берет. Алар Америка, Европа, а түгүл, Кытай менен келишип жасаган ойрондулуктун көлөмү абдан үлкөн. Алар бийликте калуусун актаган эч бир ийгиликке ээ эмес. Өкүмдарларды бирин экинчисинен айырмалаган нерсе – ийгиликсиздиктин деңгээли… Кала берсе, алар Аллах Субханаху ва Тааланын каарына кабылышкан. Себеби, алар

Исламды четке ыргытып, жер жүзүндө Исламий жашоону кайрадан баштоо үчүн аракет кылып жаткандарга каршы согуш ачышты жана ар бир колонизатор залим кафирдин буйругун ачык ээрчишти.

﴿أَمْوَاتٌ غَيْرُ أَحْيَاءٍ وَمَا يَشْعُرُونَ أَيَّانَ يُبْعَثُونَ﴾

«(Алар) жансыз өлүктөр. Дагы алар качан кайра тирилүүлөрүн да сезе алышпайт» [16:21]

**22-жумадулаввал, 1444-х.**

**16-декабрь, 2022-м.**

## Кытайдын Украина боюнча «тынчтык демилгеси»

Суроо:

«Арабийя» веб-сайты 2023-жылы 27-февралда ушул кабарды таратты: «Кремль: Кытайдын «тынчтык демилгесин» алкыштайбыз, бирок, бир чечимге келишүү кыйын». «Явм» каналынын веб-сайты 2023-жылы 27-февралда тараткан кабарда мындай делет: «Кремль Кытайдын «тынчтык демилгесине» кызыгуу менен карап жатканын, бирок, аны кеңири үйрөнүү керектигин айтты». Путин 2023-жылы 21-февралда «Россия стратегиялык чабуул куралдарын дагы да кыскартуу жана чектөө боюнча Кошмо Штаттар менен түзүлгөн келишимден чыгарын билдирди». («Анадолу», 2023-жыл, 21-февраль). Бул билдирүүлөр 2023-жылы 20-февралда Байден Киевге сапар жасап, Украина президенти Зеленский менен жолугушкандан кийин айтылды. Байден Киевге жасаган сапарында: «Украина шейшемби күнү жарыялана турган 500 миллион долларлык жаңы аскерий жардам пакетин алат», - деп баса белгиледи. («Скай Ньюс Арабийя», 2023-жыл, 20-февраль). Бул билдирүүлөрдөн мурун Кытай тышкы иштер министри Ван И коопсуздук боюнча Мюнхенде өткөн конференцияда Кытайдын Украина боюнча тынчтык демилгеси бар экенин баса белгилеп: «Бул согуштун күчөй бериши мүмкүн эмес», - деген... («Си-Эн-Эн Арабийя», 2023-жыл, 18-февраль).

Суроо мындай: Кытай Украинадагы согушту токтото алабы? Эмне үчүн Кытай согуш башталгандан бир жыл өтүп мындай демилге менен чыгып жатат? Эмнеге Россия бул демилгени алкыштап, кийин бир чечимге келишүү кыйын экендигин баса белгиледи? Бул демилгенин ийгилигинин ыктымалы кандай?

Жооп:

Жогорудагы суроолордун жообун аныктоо үчүн ушуларды карап чыгабыз:

Биринчи: Россия-Украина согушуна таасир өткөргөн мамлекеттер:

1 – Америка: президент Байден башчылыгындагы Америка Батыш дүйнөсүнө АКШнын жетекчилик кылышы жөнүндөгү Европада жүзөгө келген күмөндөрдү жокко чыгара алды. О.э. Байден администрациясы Украинанын Россия чабуулуна каршы турушу үчүн ага аскерий жана аскерий эмес жардам көрсөтүү боюнча Батыштын аракеттерин да бириктирди. Анын бул иштерине Россияга каршы экономикалык санкцияларды колдонууда Батышты бириктиргенин да кошумчаласа болот. Ал Россиянын энергия артерияларын Европадан үзүп гана калбастан, Россияга каршы санкция колдонгон мамлекеттердин катарына Европадан алыс болгон Япония, Түштүк Корея жана Австралия сыяктуу мамлекеттерди да киргизди. Мындан тышкары, Трамп администрациясы доорунда күмөнгө түшүп калган НАТО союзуна өмүр берди. Бир сөз менен айтканда, Байден администрациясы Украинага курал берүүнү күчөтүп, анын максаты Украинада Россияны жеңүү экенин билдирди.

2 – Европадагы чоң мамлекеттер: Британиянын позициясын Американын Россияга каршы позициясынан бөлүү мүмкүн болбой турганда, Германия менен Франция да ушул позицияны ээрчиди. Анткени, Россиянын энергия артериялары Европадан бүтүндөй үзүлүшү менен бирге Германия Россияга каршы позициясын күчөттү. Ал тургай, Германия тышкы иштер министри Бербок айым Украинага танктарды жеткирүү боюнча Европанын позицияларын бириктирүүгө аракет кылып: «Биз бири-бирибизге каршы

эмес, Россияга каршы согушка кирип жатабыз...,», - деди. («Шурук», 2023-жыл, 24-январь). Россиянын мурунку президенти Медведев болсо, аны «пайдалуу акмак» деп сүрөттөдү. («Анадолу», 2023-жыл, 29-январь). Т.а. Бербок Европа Украина талашынын бир тарабы экенин моюнга алды. Францияга келсек, акыры ал да Россияга каршы Американы ээрчиген Европа мамлекеттеринин кербенине кошулду. Анткени, Франция президент Макрон Россия президенти менен болгон алакалары себептүү союздаштарынын сынына учурап келе жаткан. «Скай Ньюс Арабийя» 2023-жылы 19-февралда берген кабарга ылайык, Франция президенти Макрон Мюнхен конференциясынан кайтуу учурунда: «Мен Россиянын Украинада жеңилишин жана Украина өз позициясын коргой алышын каалаймын», - деди.

3 – Россия: мурун орус армиясы эл аралык деңгээлде күчтүү болуп көрүнгөн. Бирок, Украинадагы согуш Киев жана Харковдун жанында, кийин Херсондо жеңилген Россия армиясынын олуттуу күчсүз тараптарын ачыктады. Орус армиясы Россия улуулугунун таянычы эле. Эми болсо, анын эл аралык улуулугунун таянычы катары ядролук күчүнөн башка эч нерсеси калбады. Экономикасы болсо, башынан эле алсыз болчу... Саясий жактан алып караганда, Америка менен Европа Россияны эл аралык деңгээлде изоляция кылууда чоң ийгиликке жетишти. Мындан тышкары, Россияда согуш боюнча ички биримдик жок. Мобилизация жарыяланганда көптөгөн орустар чет өлкөлөргө качып чыгып кетишти.

Экинчи: бул эл аралык өзгөрүүлөрдүн Кытайга таасири:

1 – Кытай Америка үчүн башкы маселелердин тизмесинде саптын башында т.а. Россиядан мурунку орунда турганын түшүнүп жатат. Америка Тайвань маселесинде Кытайга каршы чыгып, аны кыйын абалга салып коюуда. Ал эми, Түштүк Корея менен болуп көрбөгөндөй аскерий машыгууларды өткөрүү менен Кытайды күрөшкө чакырып жатат. Россиянын санкциялар себептүү көргөн зыянынын ордун толуктоого, кыйратуучу куралдар менен

ага аскерий жардам көрсөтүүгө аракет кылбашы үчүн АКШ Кытайга бир тараптан, опузалап жаткан болсо, дагы бир тараптан, Кытайдын Huawei жана башка технологиялык компанияларына каршы согуш ачып, анын экономикасына жашыруун түрдө эмбарго киргизүүдө. Бул нерсени электрондук чиптерден аскерий максаттарда пайдаланып, АКШнын улуттук коопсуздугуна коркунуч туудуруп жатат деген шылтоо менен Америка Кытайды электрондук чиптерден кур жалак калтырышында да көрүүгө болот. Кытай бүгүнкү күндө Америка Японияны куралдантып, муну менен Кытайга артынан бычак сайганын сезип жатат. Америка келечекте Японияны дагы да көбүрөөк куралдантып, эгер бычакты Кытайдын жүрөгүнө урбаса, бул нерсе Кытайдын артынан берилген сокку бойдон калат. Америка буга кошумча, Азияда «AUKUS» жана «QUAD» сыяктуу аскерий союздарды да түздү. Бул нерселер Кытай жана анын армиясы үчүн олуттуу кыйынчылыктарды жаратууда.

2 – Кытайдын Америка сыяктуу маанилүү экономикалык шериктештери эсептелген Европа мамлекеттерине келсек, алар Вашингтондун координация (иш-аракетти биргеликте тартиптештирүү) каалоосуна моюн сунушту. Россия Украинада согушту баштагандан кийин, Европа Россия коркутууларынан өз континентин коргоо үчүн Американын коопсуздук чатырына муктаждык сезгенден кийин ушул координация жандана баштады. Кытай болсо, Россия-Украина согушу себептүү Американын Европа мамлекеттерине жетекчилиги кайра жанданышы аларды Кытайга карата АКШнын позициясын карманууга үндөп жатканын көрүп турат. Мындан тышкары, капиталисттик мамлекеттер жана алардын Чыгыш Азиядагы «батышташкан» тарапкерлерин назарга алган «пикирлеш мамлекеттер» аталышы пайда болду о.э. НАТОнун Чыгыш Азиядагы ролу жөнүндө кеп-сөздөр өрчүй баштады. Бул болсо Кытай үчүн «Америка көп мамлекеттерди Пекинга каршы коё алат» деген олуттуу коркунуч болуп эсептелет.

3 – Россияга келсек, анын күчсүздүгү Кытайдын кичине шериктешине айланышына алып келүүдө. Айрыкча, эл аралык майдан Россия үчүн аста-секин кыскарып барууда. Себеби, Европа Россиянын нефть жана газынан дээрлик баш тартты. Мурда Россия Европа энергиясынын негизги артерияларын кармап келген болсо, учурда колунда дээрлик эч нерсе калбады. Ошол эле учурда, Европа менен Америка Россия үчүн өз эшиктерин жапкан. Алар Россияны башка мамлекеттердин босогосунда да кууп жетип, бул мамлекеттерден орус нефтиси үчүн белгиленген «баалар чегин» кармануунy талап кылышууда. Булардын бардыгы Россия Кытайга өзүнүн энергия жана чийки сырьёлорун сатуу мүмкүнчүлүгүн жаратып берген дээрлик жалгыз дарбаза катары кароого мажбур кылды. Батыш муну «Россиянын Кытайга соода-сатык жагынан жалынышы» деп атайт. Бул абал Кытайды эң маанилүү соода багыты эсептелген Европа жана Америка менен болгон мамилелерин кыйын абалга салып коюуда.

4 – Кытайга келсек, ал Украинадагы согушка карата белгисиз позицияны карманып жаткан болсо да, бирок, согуштун акыбеттери анын пайдасына болбой жатканын көрүп турат. Буга шек-күмөн жок. Белгилүү болгондой, Кытай Россия Украинага чабуул жасардан бир аз мурун Россия менен «чексиз союз» документин түзгөн. Америка менен Европа мамлекеттери Кытайдан Россиянын агрессиясына каршы позицияны кармануунy талап кылышканда Кытай белгисиз позицияны карманып, Россия согушун колдорун да, анын союздашы болгон Россияга жардам көрсөтөрүн да билдирбеди. Россияга коопсуздук кепилдиктерин бөрүүгө ыраазы болбогону үчүн согуштун жалындашына Американы айыптоо менен чектелди. Кытай Россия Украинада жаңы тартипти киргизип, ал жерде коопсуздукту орнотушун жана Батыш мамлекеттерин анын жаңы эл аралык макамын таанууга мажбур кылышын күтүп жаткан. Себеби, бул нерсе Кытайдын эл аралык деңгээлде, айрыкча, Тайванда жакшыраак макамды ээлешин түшүндүрүп кытайлыктардын туйгусун козгошу мүмкүн эле. Бирок,

Россиянын күчсүздүгү жана Украинада согуш майданында учураган жеңилүүлөрү көрүнө баштаганда Кытай туруксуз позицияны кармана баштады, ал Россия менен союздаш болуудан чегинип жаткандай болду.

5 – Батыштын Кытайга карата душмандык буркурап турган ушундай позициясы Кытайды Америка менен Европа мамлекеттерине каршы кудум ушундай позицияны кармануугa үндөгөн жок. О.э. Кытай Россияны колдорун билдирген да жок. Себеби, Кытайдын өнүгүшү жана ээлеген жаңы деңгээли анын тышкы соодасына байланыштуу. Анткени, Америка менен Европа мамлекеттеринин базарлары Кытайдын улуулугунун негизги артериясы эсептелет. Ал эми, Россиянын абалы мындан айырмаланат. Себеби, анын эл аралык деңгээлинин негизи экономика жана эл аралык соода эмес, Советтер Союзунан калган аскерий мурас. Бирок, башка тараптан, Кытай Азия жана Азиядан тышкарыдагы деңиздерде Россия менен биргелешкен аскерий машыгууларды улантты. Ыктымал, Кытай Америка менен бирер окуя жүз бергенде муктаж боло турган Россияны жоготпоо о.э. Батыш мамлекеттери менен болгон соода алакалары анын экономикасынын артериясы эсептелгендиктен аларды да колдон чыгарбоо үчүн ортодо турууну каалагандыр...

Үчүнчү: мындан улам, жогорудагы позициялар себептүү Кытай эки тарап менен мамилелери тең салмактуу болбосо да, тараптар ортосундагы кризисти чечүүгө демилге көрсөтүп жаткан ортомчу болуу жөнүндө ойлоно баштады. Бул нерселер Россия Украинага бастырып киргенден кийин Кытай өз асманында кара булуттар коюуланып баштаганын көргөнүн түшүндүрүп турат. Бул кара булуттар Украина боюнча Кытай тынчтык демилгеси пайда болушунун биринчи себепчиси эсептелет. Бирок, бул демилгенин жүзөгө келишине экинчи себеп да бар, ал – Россиянын абалы. Эгер, биринчи себеп экинчи себеп менен бирикпегенде, биринчи себептен эч бир олуттуу демилге чыкпайт эле. Төмөндө аны кеңири карап чыгабыз:

1 – Россия мобилизация жарыялап, жарым миллионго жакын аскер тарткан болсо да о.э. бүгүнкү күндө Донбасстагы Бахмут шаарынын айланасында болгондой кайра чабуулга өткөн болсо да, бирок, согушта жеңишке жетүү мүмкүн эместигин түшүнүп жетти. Себеби, ал Украина армиясы менен эле эмес, өзү айткандай, «НАТОнун мүмкүнчүлүктөрү» менен кагылышууда. НАТО Россияны жеңүү максатында Украинаны оор куралдар менен камсыздап жатат. Чамасы, Украинада гана эмес, кала берсе эл аралык деңгээлде да Россияны кыйратууну көздөгөн Американын күчтүү эркине туш келгенин Россия түшүнүп жеткен көрүнөт. Финляндия жана Швеция НАТОнун жаңы мүчөлөрү болуунун алдында турат. Белгилүү болгондой, бул эки мамлекет географиялык жактан Россияга эң жакын мамлекеттер болуп эсептелет. Андан тышкары, тарыхта Россиянын эң касташкан душманы болуп келген Германия да тездик менен аскерийлешип жатат. Чыгышта болсо, Япония армиясы тез арада Россия үчүн чоң коркунучка айланып баруууда. Япония Экинчи дүйнөлүк согушта Россия басып алган Курил аралдарын кайтарууну андан талап кылып келет. Ушул себептен улам, Украина жана эл аралык майдандагы мындай өзгөрүүлөр коопсуздук маселесинде Россияга оор жүктөрдү жүктөп, анын өтө көп күчсүз тараптарын – айрыкча, ал болуп көрбөгөндөй экономикалык санкцияларга жүз тутканда – ачып берүүдө.

2 – Россиянын күчсүздүгүн көрсөткөн, Украинадагы согуштун натыйжалары жөнүндөгү жаңы моюнга алууларды билдирген бул белгилер о.э. өз армиясы жана экономикасынын күчсүздөнүшүн, айланасындагы эл аралык абалдын начарлашын токтотуп калуу жолдорун издеши... т.а. Россиянын азыркы абалы Кытай көтөрүп чыккан «тынчтык демилгесинин» экинчи себеби. «Тынчтык демилгесинин» ушул экинчи себеби мааниси жагынан биринчи себептен т.а. Кытай учураган абалдан аз эмес. Демек, тынчтык демилгесине ушул эки нерсе себеп. Бул болсо Россия Украинадагы согушту токтотууну

каалаганын, бирок, өз аброюн да сактап калмакчы болуп жатканын түшүндүрөт.

Ошондуктан, эки себептин (согуштун Кытайга болгон эл аралык терс таасирлери жана Россиянын Украинада жеңишке жетишине үмүтсүз болушу) биригиши Кытайдын Украина боюнча тынчтык демилгесине алып келди. Согуш башталганда, бир жыл мурун мындай абал жок эле. Чамасы, Кытай Россия согушту тез өз пайдасына чечишин күткөн көрүнөт. Ошондуктан, согуш башталганда мындай демилгелер менен чыкпаган. Бирок, азыр, Россия жеңишке жетүүдөн дээрлик үмүтсүздүккө түшүп, өз аброюн сактап калуу үчүн сүйлөшүүлөргө кызыкдар экендиги көрүнүп калгандан кийин Кытай ушул демилге менен чыкты.

Жогоруда айтылгандар Украина боюнча Кытай тынчтык демилгесинин түпкү маңызы о.э. анын ушул убакытка чейин кечиккенинин себебин түшүндүрүп турат. Андан тышкары, демилгеде мамлекеттердин суверенитетин урматтоо зарылдыгы да ачык айтылган, мындан Батыш жана Украинаны кызыктыруу көздөлгөн. Ушул себептен улам, бул демилгени жарыялаган Кытай тышкы иштер министри Украинанын суверенитетин колдоп-кубатташын билдирип мындай деди: «Кытайтын сунушунда бардык мамлекеттердин аймактык бүтүндүгү жана суверенитети урматталат». («Си-Эн-Эн Арабийя», 2023-жыл, 18-февраль). Бул – Батышты сүйлөшүүлөргө тартуунун бир түрү.

Төртүнчү: демилгенин ийгилиги т.а. Украинадагы согушту токтотуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндөгү суроого келсек, бул бир нече таасирдүү факторлордон көз каранды:

1 – Бул биринчи кезекте Американын позициясына, кийин Украинаны колдоп-кубаттаган Европа мамлекеттеринин позициясына байланыштуу. Бул позициялар Украина борбору Киевдин жана президент Зеленскийдин кескин позициясын да өзүндө чагылдырат. Украина жана Батыштын бул позициясы тынчтык сүйлөшүүлөрүнүн алгачкы шарты катары орус армиясынын Украинадагы бардык басып алынган аймактардан, алардын катарында

Крымдан чыгып кетүү зарылдыгын билдирүүдө. Т.а. Россия менен боло турган сүйлөшүүлөр аймактар боюнча эмес, компенсация төлөө жана аскерий кылмышкерлерди эл аралык сотко тапшыруу боюнча алып барылат. Россия болсо бул шарттарды четке кагып, ал майдандагы вакиъликке т.а. азыркы фронт линияларында ок атууну токтотууга, мына ошондон кийин сүйлөшүүлөрдү баштоого көңүл буруп келүүдө. Албетте, Россия кээ бир жан берүүлөрдү ок атуу токтотулгандан кийин т.а. бир тараптан, аброюн сактап кала турган түрдө сунуштоону каалайт. Экинчи тараптан болсо, бул жан берүүлөр аркылуу санкциялардын бекер кылынышына жана тоңдурулган акчалардын бошотулушуна кошумча, ал тургай, шарттуу болсо да, кээ бир аймактык ийгиликтерге жетүүнү да каалайт.

2 – Бүгүн Батыш мамлекеттери Кытай демилгесине кызыкдар эместиги, алар Украинада Россиянын толук жеңилишин пландап, ушул нерсени күтүп жатышканы ачык көрүнүп турат. Европа комиссиясынын жетекчиси Урсула фон дер Ляйен айтат: «Бизге Кытай Россия менен иштешпей жатканы жөнүндө көбүрөөк далилдер керек жана биз муну учурда көрбөй жатабыз». («Си-Эн-Эн Арабийя», 2023-жыл, 18-февраль). АКШ мамлекет катчысы Россияны колдоп-кубаттап жатат деп Кытайды айыптады: «Блинкен жекшемби күнү эфирге берилген интервьюда Украинадагы согуш бир жылга жакындашканда Кытай Россияга курал-жарак жана ок-дарыларды берүү маселесин «катуу карап жатканын» айтты». («Кудсул Арабий», 2023-жыл, 20-февраль). Бул нерселер Батыш Россияны жеңүү үчүн Украинаны колдоп-кубаттоону алынтарын көрсөткөн жетиштүү белгилер.

3 – Мындан улам, Кытайдын Украина боюнча тынчтык демилгесинде мамлекеттердин аймактык бүтүндүгүн урматталышы айтылган болсо да т.а. Россиянын чегиниши мүмкүн экендигин түшүндүрсө да... бирок, азыркы шартта бул демилге Америка жана анын Европадагы тарапкерлери о.э. өз ишинде эч кандай ыктыярга ээ болбогон Украина үчүн жакшы эмес. Себеби, Америка Украинаны туруктуу колдоп-кубаттап, берилип жаткан

куралдардын сапатын жакшыртып баруууда о.э. президент Байдендин аркылуу Россия президенти Украинада таптакыр жеңишке жетпестигин жарыялоодо. Американыкындай мындай күчтүү эрк Британияда, Россияны жек көрүүсү күчтүү болгон Польшага окшогон Чыгыш Европа жана Балтика боюндагы мамлекеттеринде да байкалууда. Башкача айтканда, Кытайдын тынчтык демилгеси Америка тарабынан кабыл алынбады жана алкышталбады. Бул позициялар Россияны кыйын абалга салып койгону көрүнүп турат. Ошондуктан, ачык-ашкере түрдө эмес, кагазга ороп Кытайдын демилгесин кабыл алгандыгы тууралуу билдирүүлөрдү бере баштады. Т.а. бир бутун ары тарапка таштаган болсо, экинчисин ордунда калтырууда... «Скай Ньюс Арабийя» 2023-жылы 27-февралда жарыялаган кабарга ылайык, «Кремль Кытайдын демилгеси жөнүндө «Украинада тынчтык орнотуу үчүн шарттар дагы эле даяр эмес» деген. Бирок, кийинчерээк «Россия Кытайдын тынчтык демилгесин жогору баалайт» деп айткан». «Ал-Явм» телеканалынын веб-сайтында 2023-жылы 27-февралда мындай келет: «Кремль Кытайдын Украина боюнча тынчтык планы Россия тарабынан дыкат каралып жатканын айтып, сунуштун деталдары үчүн талдоо жана эсептөөлөр зарыл экенине ишара кылды». Кыязы, Россия Кытайдын тынчтык демилгесине кайтуу үчүн көпүрө коюп жаткандай...

Бешинчи: тыянактап айтканда, алдыда Украинадагы согушту токтотуу боюнча Кытай демилгеси аталышында жаңы өзгөрүүлөр болот. Кытайдын бул аракети биринчи кезекте анын кызыкчылыктарына багытталган болсо да, бирок, бир тараптан, эл аралык деңгээлине чоң коркунуч туудуруп жаткандыктан Украина баткагынан чыкмакчы болгон Россия үчүн үмүткө айланды. Бирок, Америка, Европа, НАТО жана Украина бул демилгени четке кагып, күмөн менен карап жатат. Мындан улам, анын ийгиликке жетишинин ыктымалы өтө төмөн көрүнөт. Ал ийгиликке жетиши үчүн эл аралык шарттар өзгөрүшү же Россия Украинада ири жана майнаптуу чабуул уюштурууга кудуреттүү экендигин далилдеши керек. Бирок, Америка жана НАТО

мамлекеттери Россияга буктурма койгонун жана анын жеңишке жетишине жол бербөө үчүн Украинаны бардык согуш артериялары менен колдоп-кубаттоого даяр экендиктерин эсепке алсак, бул нерсе жакын келечекте ишке ашышы күмөн.

Сөзүбүздүн акырында баса белгилеп айтсак, бүгүн дүйнөдө ири деп аталган бул колонизатор кафир мамлекеттер дүйнөгө жакшылык алып келүү үчүн эмес, жамандык жана зыян алып келүү үчүн өз ара күрөшүүдө. Россия баш көтөрүүгө даяр ар кандай украиналыкты өлтүрүү үчүн Украинага чабуул кылган болсо, Америка менен Батыш өз аскерлери менен эмес, украиналыктар менен душманга каршы күрөшүүдө. Эки тарап тең украиналыкты өлтүрүү үчүн Украинада бири-бири менен бетме-бет келишүүдө... Ошентип, жер жүзүндө бузгунчулук таратууну көздөгөн бул мамлекеттер үчүн канчалык кан төгүлүшүнүн – бул нерсе алардын кызыкчлыктарын жүзөгө чыгарса – эч кандай мааниге ээ эмес... Өтмүштө Фарс жана Рум мамлекеттери өз ара күрөшүп, бири жеңип, экинчиси жеңилгендей, тарых кайталанып жаткандай көрүнөт... Алар өз кызыкчылыктарын жүзөгө чыгаруу үчүн адамдардын канын дайра кылып төккөн машинадай аракет кылышкан... Бул абал Аллах Таала чындык жана адилет ээлери болгон Ислам Умматын жеңиш жана фатх менен сыйлап, Ислам жана мусулмандар азиз, куфр жана кафирлер кор болгонго чейин созулган. Аллахтын уруксаты менен дагы ушундай болот.

﴿وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ الْمُؤْمِنُونَ * بِنَصْرِ اللَّهِ يَنْصُرُ مَنْ يَشَاءُ وَهُوَ الْعَزِيزُ الرَّحِيمُ﴾

«Ошол күндө момундар Аллахтын нусраты себептүү шаттанышат. (Аллах) Өзү каалаган кишиге нусрат берет. Ал кудуреттүү жана ырайымдуу» [30:4-5]

9-шаъбан, 1444-х.

1-март, 2023-м.

## Ливан тууралуу берилген суроолорго жооптор

**Суроо:** ***Ливанда болуп жаткан окуялардын акыйкаты кандай?***

**Жооп:** Анык элестетүү үчүн бир аз тарыхка кайрылалы:

**1.** Картер доорунан тартып 70-жылдардын акырында бул регион маселесине байланыштуу чечимдер Америка көзөмөлү астында олуттуу багыт ала баштады. Бул чечимдердин натыйжасында 1978-жылы кыянатчыл Кемп Дэвид келишими түзүлдү. Ошондон кийин Америка планы: «Сирия проблемасын Палестина проблемасынын чечиминен алдыңкы орунга коюу, жок дегенде, анын Палестина чечиминен артта калып кетпешине аракет кылуу» багытында жүрдү. Сексенинчи жылдарда, Картерден кийин бийликке келген Рейган да ишти ушул эле багытта улантты. Кийин бийлик башына чоң Буш келди, анда да иш ушул багыт боюнча кетти, алар «Жакынкы Чыгыш кризиси» деп аташкан проблемага чечим изделди. Ал Сирия жана Ливанды камтып ала турган чечим менен чечилмекчи болду. (Себеби, Америка 1975-жылы Сирия күчтөрү Ливанга кирип келгенден баштап, тээ Американын Ливандагы кызыкчылыктарын камсыздоо жана Европа (Франция жана Британия) таасиринин Ливанга кирип келишине жол койбоо үчүн, «Таиф келишими»нен кийин, Ливанда чоң Буштун буйругу менен аким дайындалганга чейин, Ливанды Сириянын колуна «күрөө» кылып койду). Мына ошондон кийин Америка бул маселе менен бир учурда Палестина маселесин да чечмекчи болду. Иордания маселесин чечүүгө келсек, Иордания Англия таасири астында болгондуктан, Британия бул маселе чечимин анын колуна тапшырып койбосун Америка абдан жакшы түшүндү. Ошондуктан, анын башка проблемалардан мурун же кийин чечилиши көп деле мааниге ээ болбоду.

**2.** 1991-жылы экинчи Булуң согушунан (Ирак Кувейттен кууп чыгарылгандан) кийин, чоң Буш доорунда Мадрид саммити өткөзүлдү. Анда араб мамлекеттери, Палестина азаттык уюму жана жөөт мамлекети тегерек столго жыйылып, сүйлөшүүлөр жүрдү… Мына ушул убакыт ичинде Европа (Британия) – Абу Аммар (Ясир Арафат) жана анын жардамчысы Абу Мозан (Махмуд Аббас) жетекчилигиндеги Палестина уюму менен жөөт мамлекети ортосунда – «Осло келишимин» даярдоого жетишти. Аны даярдоо Америка

башчылыгындагы Мадрид саммитине ылайык түрдө жүргүзүлүп жаткан сүйлөшүүлөрдөн ыраакта алып барылды. Натыйжада, Америка «Осло келишимин» жана анын унинг Иордания менен жөөт мамлекетинин ортосунда түзүлгөн «Вадий Араба келишимин» куттуктоого мажбур болду.

Бирок, «Осло келишими» проблеманы чече албады. Ал Палестинада жөөттөр башкаруусу астындагы, шаар башкармалыгынан да кем укуктарга ээ болгон бир өкмөттү жүзөгө келтирүү үчүн ташталган алгачкы кадам гана болду. Ал өкмөт эгер жөөт мамлекети ыраазылык бербесе, бир да нерсени чече албайт эле. Демек, Палестина өкмөтү жөөт мамлекети каалаган иштер жаатында жөөттөр өлкөсүндөгү жүктү жеңилдетүүдөн башка нерсе эмес болчу.

Европа Палестина маселесин Америкасыз чече албашы анык эле. Ошондуктан, иш кабыл алуу жана четке кагуу өңүтүндө улантылды. Америка Палестина темасын Сирия темасынан мурун же аны менен бирге чечүүнү каалабайт эле. Европа болсо, эгер колунан келсе, бул эки проблеманы бири-биринен бөлүп таштап, өз-өзүнчө чечүүнү каалайт эле. Американын да, Европанын да жөөт мамлекетинде өз адамдары бар. Алар өз кызыкчылыктарынан келип чыгып, Америка же Европа көз карашына канааттанышкан жана алардын ар бири өзү-үчүн пайдалуу деп билген чечимди өткөрүүгө жан үрөп умтулушат. Арабтар тобун болсо эч ким назарга илбейт. Себеби, араб режимдери колонизатор капырга малай. Ошондуктан, алар маселени чечүүдө олуттуу тоскоолдук боло албайт.

**3.** Чоң Буштан кийинки администрация т.а. Клинтон администрациясы келгенде, 1993-2000-жылдары Клинтон Сирия жана Палестина темасын чечүүгө олуттуу көңүл бурду. Ал Хафиз Асад (Сириянын ошол кездеги президенти) жана Рабин (жөөттөрдүн премьер-министри) менен жолугушту. Кийинчерээк «Рабиндин аманаты» деп аталып калган нерселер жаатында иш дээрлик чечилейин деп калган эле. Себеби, Сирия армиясынын аралашуусуна белгилүү бир чектөөлөрдү коюу менен Жолон дөңсөөлөрүн таштап,

жөөттөрдүн бул дөңсөөлөрдөн чыгып кетиши жана Тиберияның эки тарабы о.э. Тибериянын чыгышындагы кичи жол жөөттөр колунда сакталып калышы жөнүндөгү келишим түзүлдү. Бирок, Рабинге кол салуу болуп, бул нерсе ишти токтотуп койду.

Ошондон кийин Клинтон Палестина проблемасын ага Сирия проблемасын кошпой чечүү үчүн аракет кылууга эч кандай тоскоолдук жок деп билди. «Рабин аманаты» деп аталган нерсени – (Израил) жетекчилиги Европа таасирине эмес, Америка көрсөтмөлөрүнө толук моюн сунган убакта гана – жаңыдан жандандыруу мүмкүн деп эсептеди Клинтон.

Бирок, Клинтондун Палестина темасы жаатындагы иш-аракети ийгиликсиз чыкты. Себеби, Америка долбоору «палестиналыктар үчүн дээрлик куралсыз, Куддустун бир бөлүгүндө гана административдик таасирге ээ болгон бир  мамлекетче тикелеп берүү менен проблеманы чечүү мүмкүн» деп карайт эле. Бирок, жөөттөр ишти артка сүрдү, анткени, алар Батыш жээк менен Газа секторуна аз да болсо мамлекеттик статус берилишин каалашпас эле. Тескерисинче, алар бул жерлер өздөрүнүн өкүмдарлыгы астында калышын каалашар эле. Негизи, жөөттөр палестиналыктар үчүн Куддустун эч бир бөлүгүндө эч кандай амалий өкүмдарлыкка ээ болбогон протекторат болушуна же сыртынан гана өкмөткө окшоп көрүнө турган мамлекетче болушуна каршылык кылышпайт. Анткени, андай болсо, Куддустагы аба, деңиз жана кургактыктагы амалий өкүмдарлык жөөт мамлекетиники болот.

Ошентип, Клинтондун аракети ийгиликсиздикке учурады жана анын президенттик доору аяктады.

**4.** Кичи Буш 2001-жылы бийликке келгенден кийин, бул региондогу проблемалар чечимдеринин башкы багытын тикелөөгө киришти т.а. Сирия маселесин Палестина маселесинен мурун же биргеликте чечүү алкагына киргизе баштады жана «Рабин аманатын» кайра жандандырууга киришти. Бирок, жөөттөр аларды Жолон дөңсөөлөрүнөн бүтүндөй алыстатып жибере

турган эч кандай чечимди кабыл алышпады. Жөөттөр Сириянын Жолондо турган чектелген көлөмдөгү күчтөрү менен биргеликте, Синай аралындагы ишке окшоп Жолондон чыгып кетүүгө ыраазы болушпады. Ушуну менен бирге, жөөттөр Жолондон чыгып кетүүнү о.э. анын бир бөлүгүндө калып, «Вадий Араба келишими»не ылайык Сирияга ижара төлөп калууну да кабыл алышпады. Неоконсерваторлор саясаты жөөттөргө түздөн-түз басым өткөрүүнү талап кылбас эле. Ошондуктан, Америка администрациясы Палестина маселесин  Сирия маселесинен (о.э. Ливан маселесинен, себеби, Сирия Ливанда иштерди өз колунда кармап турган эле) бөлүп чечүү боюнча Клинтон доорунда алып барылган бардык урунууларды токтотту. Жаңы администрациянын Сирияны (о.э. Ливанды) жана Палестина өкмөтүн өз ичине алган бир план иштеп чыгышын күтүп калышты.

**5.** Бирок, 2001-жылы сентябрь окуялары болуп, Афганистан жана Иракка каршы агрессия жүз бергенден кийин, Буш «терроризмге каршы күрөш» деп атаган нерсе биринчи маселеге айланып, Жакынкы Чыгыш кризиси деп аталган регоиндогу күрөш темасы кийинкиге сүрүлдү жана Буш бул кризисти чечүү үчүн олуттуу план иштеп чыгууну токтотуп, сентябр окуялары жана анын акыбеттерине байланыштуу проблемаларды чечүүгө киришти.

Ошентип, Палестина проблемасынын саясий чечимдери бир четке сүрүлүп, жөөт аскердик машинасынын жырткычтык кылмыштары менен Палестина калкынын колунан келишинче каршылык көрсөтүшүнүн ортосундагы аскердик тема гана калды. Жөөт мамлекети Буш администрациясындагы неоконсерваторлордун терроризм жана ага каршы күрөш деген толкунунда жан дили менен сүзө баштады! Палестина маселеси үчүн Америка иштеп чыгып жактан долбоор жана чечимдер жалпы мамилелер долбоорлоруна, алардын катарында үзүл-кесил чечимдер долбооруна окшош болуп калган эле. Мына ушул чечимдер тээ «Жол картасы» 2003-жылы 30-апрелде расмий жарыя кылынганга чейин ушундай

түрдө болду. Аларды Американын түздөн-түз башчылыгысыз аткаруу мүмкүн эместиги алардын беренелеринен анык көрүнүп турар эле. Аларды аткаруу болсо, Американын күн тартибине ылайык, тээ Афганистанистан жана Ирактагы фронт тынчыганга чейин кечиктирилген эле.

**6.** Мына ушул убакта Палестинада Махмуд Аббас бийлик башына келди. Ал өзгөрүлмө адам эле, ал буга чейин көп жолу түсүн өзгөрткөн. Ал мурун Арафаттын артынан сүйрөлүп, Ослодо Европа (Британия) багыты боюнча жүргөн болсо, азыркы учурга келип, Американын буйругун кыңк этпей аткара турган адамга айланды жана Сирия темасын кошпостон Палестина маселесин чечүүгө аракет кылып, күйүп-жанып жатканын жана өзүнөн талап кылынган ар кандай багынууларга даяр экенин билдирди. Бирок, жөөттөр Аббастын таасири Палестинада күчсүз экенин жана Исламий тенденция (багыт) эч кандай багынууга же жөөттөрдү тан алууга ыраазы болбошун жакшы түшүнүшөт эле.

Ошентип, Сирия темасына кошумча түрдө, Палестина маселесин чечүү үчүн дагы бир фактор кечиктирилип тура турган болду. Бул фактор Палестинадагы Исламий тенденциянын – кудум Махмуд Аббас жетекчилигиндеги башка тенденциялар ыраазы болгондой – багынууну жана жөөт мамлекетин тан алууну кабыл алышы эле. Бирок, бул тенденциянын багынуусуна жана тан алуусуна жетишүү оңой эмес эле. Себеби, Ислам өз жерлеринин бир карышынан баш тартууну да, Ислам жерлеринин бир карышы басып алынышын да катуу четке кагат. Ислам тан алуучу жана багынуучу кишини кыянатчы деп атайт. Мусулмандар массасы да, бардык Исламий кыймылдар да муну катуу тастыктап келди.

**7.** Ушуга карай, жөөттөр азыр Палестина маселесин үзүл-кесил чечүүнүн мезгили эместигин түшүнүп жетишти. Себеби, бул үчүн Америка планы боюнча Сирия проблемасын майданга киргизүү о.э. Палестинадагы Исламий багыттын кудум илманий багытка окшоп багынууга жана жөөт мамлекетин тан алууга ыраазы болушун күтүүү керек эле. Ошондуктан,

Шарон 2004-жылы апрелде Буш менен Газа секторунан административдик жактан чыгып кетүү, бирок, ушуну менен бирге, амалий өкүмдарлык жөөттөрдүкү болуп калышы, жөөттөр каалаган убагында кирип-чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу жана порттор, аэропорттор, жолдор…ду өз көзөмөлдөрүнө алышы туурасында келишип алды. Жөөттөр мындан Газа секторунда турган армияларына болуп жаткан басымды жеңилдетүү жана тээ Америка Ирак жана Афганистан баткагынан чыгып, Сирияны (о.э. Ливанды) жана Палестинаны майданга алып кирүүгө башчылык кылганга чейин ушуну мененбирге, Исламий багытты жөөт мамлекетин тан алууга, Палестинанын 1948-жылы басып алынган бөлүгүнөн баш тартууга жана Палестинанын 1967-жылы белгиленген чегаралары туурасында сүйлөшүү алып барууга көндүрүү мүмкүн болгонго чейин аракетчен чечимдерди иштеп чыгуу максатын көздөштү.

**8.** Палестинада Америка көзөмөлүндө жана жөөттөр ыраазылыгы менен шайлоолор өткөзүлүп, «Хамас»тын бийликке келиши менен, (алардын назарында Исламий багыт өкүлү эсептелген) «Хамас»ты жөөт мамлекетин тан алууга жана бул мамлекет жанында Палестина мамлекетчеси пайда болушуна ыраазы болууга мажбурлоо үчүн кадамдар тездешип кетти. Иштер бир кабыл алынып, бир четке кагыла баштады. Мындай абал Палестинада эки мамлекет болушуна ыраазы болуу жөнүндө «туткундар документи» пайда болгонго чейин жана андан кийин Махмуд Аббас куралдуу топтор менен, эң маанилүүсү, Исмаил Ханийя жетекчилигиндеги «Хамас» тобу менен алып барылган сүйлөшүүлөргө чейин уланды. Мына ушул сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында «Хамас» жана башка топтор ошол документке ыраазы болушту. Бир гана «Исламий жихад» ыраазы болбоду. Белгилүү болгондой, Исмаил Ханийя өтмүштө да саясий чечимдерге ыраазы болуп келген. Мисалы, ал 1996-жылы да шайлоолордо өз талапкерлигин койгон эле. Ошол убакта «Хамас»тын буга каршы чыгышына, балким, талапкер көрсөтүүнү арам деп билишине карабастан ушундай кылган эле.

Бул болсо «Хамас»тын бир билдирүү чыгаруу менен талапкерлигин койгондугу үчүн Исмаил Ханийяга чабуул кылуусуна себеп болгон эле.

Эмнеси болсо да, эгер жөөт аскери туткунга алынбаганда, Махмуд Аббас жана Исмаил Ханийя тарабынан ошол документке ыраазылык берилгенин жарыя кылуу туурасында 2006-жылы 25-июнда басма сөз конференциясы өткөзүлүшүнө токтом кылынган эле. Жөөт аскеринин туткунга алынышы, мейли, «Хамас» менен башка топтордун «туткундар документине» ыраазылык берүүлөрүн бекер кылбаган болсо да, бирок, бул окуянын мына ушул кыянатчыл конференцияны бекер кылууда пайдасы болду.

**9.** Ошондон кийин иштер тездешип кетти. Мындай абал 2006-жылдын 12-июлуна чейин уланды. Бул учурга келип «Хизбулла» жөөттөрдүн эки аскерин туткунга алды. Жөөттөрдүн буга каршы билдирген мамилеси өтө ырайымсыз болду. Ошондон кийин жөөт мамлекети «Хизбулла» тарабынан берилген какшаткыч соккуларга учурады жана мындан үрөйү учуп кетти. Себеби, жөөт мамлекети өз ичкерисинде жайгашкан шаар жана кыштактардын мындай ракеталар соккусуна учурашын таптакыр күтпөгөн эле.

Жөөт мамлекетине зыян жеткирилди, Ливанга чоң зыян жетти, ок атууну токтотуу жана башка жолдорду издөө туурасында эл аралык майданда жана Европада талаптар пайда болду. Бирок, ушуларга карабастан, Америка ок атууну дароо токтотууга ыраазы болбойт, качан «ыңгайлуу шарттар» туулганда гана буга ыраазы болот. Ал бул нерседе катуу турат!

Америка эмне үчүн катуу турат?

**10.** Биз буга анык жооп берүү үчүн төмөнкүлөрдү айтып өтөбүз:

Ирак жана Афганистандагы иштер Америка каалоосуна тескери багытта кетти. Себеби, ал баткакка батып калды. Бул баткактан чыгуу кыйла мүшкүл экени жана узакка созулушу, айрыкча, Ирактын Америкага каршы кызуу согуш алып барыла турган борборго айланып калганы, аны бул оор абалдан

бир гана Иракка коңшу мамлекеттерди бул темага тартуу гана куткарышы мүмкүндүгү ага ачык-айкын болуп калды. Бул мамлекеттердин эң көзгө көрүнгөнү Иран менен Сирия болуп, бул мамлекеттерде Американын эсепке алына турган таасири бар. Бирок, бул эки мамлекетти бул ишке тартуу региондогу калган маселелерди кеңири камтуу менен чечпей туруп т.а. Жакынкы Чыгыш кризисин жойбой туруп, толук ишке ашпайт.

Американын эсеп-китептери боюнча, бул иш (т.а. кеңири камтуучу чечим) ага төмөнкү иштерди жүзөгө чыгарып бермекчи:

1) Убактылуу болсо да, адамдардын көңүлүн Ирак жана Афганистанда кылынып жаткан шерменделүү кылмыштардан алаксытуу о.э. агрессиядан көздөлгөн максаттарын ишке ашырууда ийгиликсиздикке учураганын жашыруу.

2) Иракты же анын чоң бөлүгүн Иранга «күрөө» кылып тапшыруу үчүн жол ачуу. 1975-жылы Ливанда дал ушундай болгон эле. Ошол убакта Ливан Америка көзөмөлү астында Сирияга тапшырылган эле. Ушуну менен Ирандын ядролук программасы деген проблема да бүтөт. Анткени, бул проблеманы чечүүгө тоскоолдук кылып жаткан жана Европаны аны менен алек кылып турган Американын өзү.

3) Сирияга Ирак менен чегаралаш «ысык» чекиттерди «муздатуу»да, келе жаткан жардамдарды, Сирияга качып өтүп жаткан ирактыктарды кармап калууда жардам берүү үчүн кеңири жол ачып берүү.

4) Сирия, анын артынан Палестина уюмдары жөөт мамлекетин тан алганын жарыя кылуу жана ошону менен бул региондогу чыр-чатакка үзүл-кесил чекит коюу аркылуу Палестина темасын оңой гана чечүү.

5) Ошондон кийин Американын бул региондогу өкүмдарлыгын, кызыкчылыктарын, айрыкча, нефтиге тийиштүү кызыкчылыктарын кепилдөө.

6) Мындан болсо, Американы бул региондо жакшы кылып көрсөтүүгө урунуу зарылдыгы, андан да негизгиси, келерки шайлоолордо оңой жеңишке

жетүү үчүн Буш менен республикачылар партиясынын Америкадагы рейтингин көтөрүү зарылдыгы келип чыгат.

Америка бул максаттардын жүзөгө чыгышына төмөндөгү иштер тоскоолдук кылууда деген тыянакка келди:

1) Европанын Америкага каршы турушу. Анткени, Европа (Франция жана Британия) ал-Харирийдин өлтүрүлүшүн Ливанда Америка менен таасир талашуу үчүн ыңгайлуу учур деп билди. Европа отуз жыл мурун кандайдыр бир деңгээлде, он беш жыл мурун болсо «Таиф келишими» себептүү бүтүндөй Ливандан четтетилген эле. Европанын бул региондогу иштер тизгини дагы Американын колуна түшүшүнө ыраазы болушу оңой эмес.

2) «Хизбулла» темасы. «Хизбулла» сексенинчи жылдардан мурунураактан баштап Иран жана Сирия тарабынан аскердик жактан жана даярдык жагынан колдоп-кубатталып келди. Бул эки мамлекет «Хизбулла»ны тээ маселе чечиминин убагы келип, «Хизбулла»нын ролу бүткөнгө чейин колдоп-кубатташмакчы эле. «Хизбулла» муну жакшы билген жок. Негизи, бул эки мамлекеттин, айрыкча, Сириянын Америка менен болгон мамилелериндеги пландары ачык эле көрүнүп турчу. Бирок, ошого карабай, «Хизбулла» бул эки мамлекет жөнүндө жакшы ойдо болду жана бул эки мамлекет аны калыс Алла ыраазылыгы үчүн жөөттөргө каршы согушта колдоп-кубаттоодо деп ойлоду! «Хизбулла» Сирия менен Ирандын колдоп-кубаттоосунан көздөлгөн максат – «Сирия Америка башчылыгында ишке ашырыла турган чечимди күтүп, Жолон дөңсөөсүн азат кылууга аракет кылбады, бул тууралуу чурк этип ооз ачпады, мунусу менен Сирия кыянат кылды» деген элести адамдар зээнинен өчүрүп таштоо экендигин, ошондуктан, Сирия жана анын артынан Иран ошол чечимдин убагы келиши менен «Хизбулла» кыймылын жөөттөргө каршы согушта жардамсыз таштап коюулары жана андан баш тартуулары мүмкүндүгүн ыктымалдан узак санады.

Негизгиси, «Хизбулла»нын кубаты артты. Жөөттөргө каршы алып барылып жаткан согушта анын сабына көптөгөн ыкластуу жаштар келип кошулду. Эми Сирия үчүн бул хизбди кайтадан саясий хизбге айланууга жана жөөттөргө каршы согушту токтотууга буюруу кыйын болуп калды. Айтып өткөнүбүздөй, чечимдин убагы келиши менен бул чечимдин жактоочулары «Хизбулла»нын ролу сакталып калышына ыраазы болушпайт. Ошондуктан, «Хизбулла» темасы бул чечимдин каршысында турган тоскоолдуктардын бири эсептелет.

3) Жөөт мамлекети темасы. Америка жакшы билет, жөөттөр аларга анык белгиленген чек аралар алкагында бул күчтүү мамлекет болушун кепилдей турган чечимге да ыраазы болушпайт жана өздөрүн курчап турган кошуна мамлекеттерди өз абалына коюуну такыр каалашпайт. Палестинада, мейли, күчсүз болсо да, бирер мамлекет пайда болушуна ыраазы болушпасын айтпай эле коёлу. Анткени, жөөттөр жашап турганда, алардын дили жана акылында ыпылас кек жашырынып жатат. Алар ыңгайлуу учур келер замат Нилден Ефрат дарыясына чейин болгон бүткүл регионду колго киргизүү максаттарынан али баш тартышкан жок.

Ошондуктан, жөөттөр өздөрүнө жете турган зыянды жана аларга кооп сала турган коркунучту сезишпеген соң, а түгүл, Сирия, Ливан жана Палестинанын кадыр-баркын сактап калбай турган чечимге да ыраазы болушпайт.

Ошондуктан, жөөт мамлекети темасы чечим каршысында турган тускоолдуктардын бири болуп калды.

Америка жетекчилиги: Иран, Сирия, Ирак, жөөт мамлекети, Ливан жана Палестина бийлигин (Саудия, Египет жана Иордания тарабынан колдоп-кубаттоо менен) ишке тартып, бул регион кризиси үчүн кең көлөмдүү чечимди табууда өзү «Жаңы Жакынкы Чыгыш» деп аталган нерсе боюнча аракет кылышы ылазым, муну ушул проблемалардын баарысын талкуулай турган (экинчи Мадрид же ушуга окшош) бирер конференция өткөзүү

аркылуу ишке ашыруу керек, - деген токтомго келди. Бул мамлекеттер ортосундагы проблемалар чечилгенден кийин болсо, Жакынкы Чыгыштагы башка кызыкдар мамлкеттерди да тартуу пландары иштелип чыгат. Америка бул планды жөөттөр агрессиясы учурунда билдирди. Анткени, Райс 2006-жылы 22-июлда, жөөттөрдүн Ливанга каршы агрессиясы Жаңы Жакынкы Чыгышты дүйнөгө келтирери тууралуу билдирүү жасады!

Эми тоскоолдуктарга келсек, алар Америка планы боюнча төмөндөгүчө жоготулат:

1) «Хизбулла» темасы:

«Хизбулла»ны жөөттөргө каршы таасирдүү жана күчтүү иштерге үндөп, (Израил) бул хизбге каршы үлкөн жооп соккуларын бергенден кийин, бул хизбден баш тартуу жана согушта ага жан тартпоо тууралуу Сирия жана Иран менен келишип алуу.

2) Жөөт мамлекети темасы:

Америка жөөттөрдү «Хизбулла» кылып жаткан ар кандай ишке – мейли, кичинекей болсо да – ага каршы үлкөн жооп соккусун берүүгө үндөйт, ошондон кийин, тээ «Хизбулла» чоң жоготууга учураганча жана жөөт мамлекети да таасирдүү зыянга учураганга чейин ок атууну токтотууга тоскоолдук кылат.

3) Европа темасы:

Тээ эки тарап т.а. «Хизбулла» менен жөөт мамлекети ортосунда кагылышуу болуп, бул маселе Америка колуна келип түшкөнгө чейин, европалыктардын Коопсуздук кеңешине сунуш кыла турган ар кандай долбоорлорун бекерге чыгаруу.

Жөөттөр болсо бул абалдан чыгаруучу ылайыктуу долбоор иштеп чыгуу үчүн Америкага кайрылышат.

«Хизбулла» жигиттерине келсек, алар эки укмуш акыбетке т.а. жеңишке же шейиттикке жетишүү үчүн чын ыклас менен согушат. Бирок, Америка Иран жана Сирия аркылуу ошол ылайыктуу долбоор боюнча өз өкүмүн

өткөзөт, муну Иран жана Сириянын «Хизбулла»ны өздөрүнөн талап кылынган багытта кармап турушу менен ишке ашырат.

Ошентип, Америка согуштун тез токтотушуна ыраазылык бербейт. Ал буга, мамлекеттик катчы Райс 2006-жылы 19-июнда Вашингтондо Египеттин тышкы иштер министри менен жолугушкандан кийин берген билдирүүсүндө айткандай, «ыңгайлуу шарттар туулгандан(!)» кийин гана ыраазы болот.

**11.** Ливанда болуп жаткан окуялардын кыскача мазмуну ушундай. Андан (Израил)дин аскердик машинасына салыштырмалуу өтө аз курал-жарак жана даярдыкка ээ болгон бир кичине каршылык кыймылы жөөт мамлекетине кандай жарааттар жеткизип жатканы жана какшаткыч соккулар берип жатканы көрүнүп турат.

•Ошондой болгон соң, эгер Иран жана Сирия «Хизбулла»ны согуш майданында жалгыз таштап койбогондо иш кандай болмок? Бул нерсе (т.а. «Хизбулла»ны жалгыз таштап коюу) Иран жана Сирия жооптууларынын билдирүүлөрүндө анык көрүнүп калган эле. Мисалы, Иран тышкы иштер министрлиги «Тегеран Сирия калкы тарабында турат. Эгер Израил Сирияга чабуул кыла турган болсо, Израилге ушундай зыяндар жеткизилет деп кой, бул зыяндардын эсебине жетип болбойт», - деп билдирүү жасады. Бирок, бул министрлик Ливанга жана «Хизбулла»га каршы тынымсыз улантылып жаткан чабуул туурасында чурк этпеди. Сирия басма сөз министри да, кудум жөөттөр бомбалаган ал-Маснадагы жайлар Сирия жерлерине жакын жайгашпагандай: «Эгер Израил күчтөрү биздин жерлерибизге жакындаша турган болсо, Сирия жооп соккусун берет», - деп айтты!

•Эгер башка араб мамлекеттери бул агрессияны колдоп-кубаттап жаткан Америка буйругуна бой сунбай, дуба кылып отура бербей, жөөт мамлекетинин үстүнөн жеңишке жетишкенде, иш кандай болмок? Египет, Иордания жана Саудиядагы акимдер берген билдирүүлөр мына ушуга (т.а. Америкага кулдарча моюн сунууларына) далалат кылып турат.

•Окуяларды аң-сезимдүү түрдө түшүнүп алуу негизги иш болуп саналат. «Хизбулла»дагы күчсүз чекит – анын Иран жана Сирия жөнүндө жакшы ойдо болгондугу, бул эки мамлекеттин Америка басымы астында экендигин түшүнүп жетпегендиги, ошондуктан, бул эки мамлекетке ишенгендиги. Эгер «Хизбулла» олуттуу аракет жолуна өтсө, бул эки мамлекет жөөттөрдүн жырткычтык кылмыштары улам көбөйүп бара жатканын көрүп-билип турса да, «Хизбулла»ны жалгыз таштап коюшат жана согушта ага жан тартышпайт.

•Үммөттөгү алсыз чекитти айтсак, Үммөт ооруунун түпкү себеби мына ушул малай акимдер экендигин түшүнүп жетпей жатат. Анткени, Үммөт наразылык демонстрацияларында агрессияны каралап кыйкыруунун, бул агрессияны колдоп-кубаттап жаткандарды так-таажыларында калтыруунун ордуна, бул акимдерди ыргытып салуу үчүн белди бекем байлап, жөөттөргө каршы согушуу үчүн армияларды аракетке келтириши ылазым эле. Ошондо Үммөт кайрадан дагы адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы Үммөткө айланып, анын армиясы жөөт мамлекетин жок кылуу жана Палестинаны Ислам диярына толук кайтаруу үчүн боло турган улуу чабуулда бул Үммөттүн алдыңкы сабында барар эле.

•Бирок, али да убакыт өтүп кете элек. Анткени, Америка акимдерди көндүрүүгө жана бул сүйлөшүүлөр долбоору алдында турган бардык тоскоолдуктарды алып таштоого жетишкен күндө да, бул долбоор узакка созулары анык. Себеби, Америка «Жаңы Жакынкы Чыгыш» деп атаган бул долбоор – Американын бул долбоого болгон көз карашы туурасында сызылып чыккан маалыматтарга караганда – бул регионду саясий жана географиялык жактан кайта калыптандырып чыгууну талап кылат. Бул үчүн болсо узак убакыт керек болот. Америка муну жакшы түшүнөт. Америка үчүн негизги нерсе, өз көзөмөлү астында ушул регион мамлекеттерин өзү зарыл деп билген кең көлөмдүү багыттар боюнча анык белгиленген сүйлөшүүлөргө өткөзүү. Демек, Америка пландарын кыйратуу үчүн Үммөт алдында ыңгайлуу учур бар. Армиялар алдында да мына ушул акимдерди

кулатып, Ислам улуулугун тикелеп, пайгамбарлык программасы негизиндеги Халифалык мамлекетин куруулары үчүн оңтойлөө учур туулуп турат. Өлтүрүлгөн, майып кылынган балдар, жесир калтырылган, кордолгон аялдар, аппак сакалдары канга боёлгон карыялар үчүн жөөттөрдөн жана алардын артында турган адамдардан өч алуу үчүн Үммөт жана анын армиялары ушундай кылышы керек. Ошондо жөөттөр момундардын кысымы астында үйлөрүн өз колдору менен бузушат жана Алла Субханаху момундардын көксөөсүн кандырат.

{وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ الْمُؤْمِنُونَ + بِنَصْرِ اللَّهِ}

– *«Ошол күндө момундар Алла үстөм кылганы себептүү шаттанышат».* [30:4,5]

**28-жумадус-соний. 1427-х.**

**24-июль. 2006-м.**

## Ливан кризиси тууралуу

**Суроо:** *Ливандагы кээде күчөп, кээде басаңдап жаткан талаш-тартыштар эмне өзү? Өкмөттүн жактоочулары да, оппозиция да анык бир позицияны кармана албай жатат, толук бир чечимге келе албай жатат. Баянаттары да, маанилүү иштери да тынымсыз өзгөрүп турууда. Ал тургай, бардык жакты астын-үстүн кылып жиберген Харирий маселесин да шайлоолор темасы басып кетти. Өкмөттүн жактоочулары менен оппозиция саясатчыларынын кызыкчылыктары маселенин өзүнөн да көрө көбүрөөк көзгө уруна турган болуп калды. Бул нерсе жактоочулар менен оппозициячылар ортосундагы алакаларда жана сапарларда даана көрүнүп турат. Бардыгы анык бир позицияны ээлебестен, ордунда туруп тыбырчылап жатат. Эл аралык текшерүү комиссиясы Ливанда мамлекеттин жетекчилиги жана ыйгарым укуктары үстүнөн өзүнүн жетекчилик жана ыйгарым укуктарын да колго киргизди. Ушуга карабастан, жактоочулар да, оппозициячылар да эч нерсени сезбей жатат, эч нерсеге этибар бербей жатат. Муну кандай түшүндүрүүгө болот?*

**Жооп:** Бул иштти аң-сезимдүү адамга узак түшүндүрүп отуруунун кажети жок. Ал төмөндөгүдөй:

1. Ливанда болуп турган кырдаал Америка менен Европа (ачык айтканда Франция жана парда артындагы Британия) ортосундагы кызуу күрөш. Америка Тоиф сүйлөшүүлөрүнөн баштап бүгүнкү күнгө чейин улантылган Ливандагы таасирин Сирия кошууну чыгып кеткенден кийин да мурункудай сактап калууга жана улантууга урунуп жаткан болсо, Европа Америка таасирин чыгарып жиберип, анын ордун ээлөөнүн убактысы келди деп ойлоодо.

2. Бул талашып-тартышып жаткан мамлекеттердин Ливан ичкерисинде жүгүртөк «куурчак»тары бар болуп, алар колонизатор мамлекеттердин ичкеридеги кызыкчылыктарын туюнтат жана алардын пландарын ишке ашырат. Ошондуктан, бул «куурчак»тар позиция жана баянаттарын талашып жаткан мамлекеттердин токтомдоруна карата өзгөртүп турушат. Ушул себептен улам, алардын бүгүнкү позициясы кечегиден, ал тургай, бир нече саат мурункусунан айырмаланып турат. Алар өздөрүнүн эмес, башкалардын позицияларын туюнтуп жатат. Токтом чыгаруу бул «куурчактар»дын эмес, талашып жаткан мамлекеттердин колунда. Жактоочулар менен оппозициячылардын ошол эле байрак, ошол эле Тоиф, ошол эле эркиндик, ошол эле суверенитет даабасын көтөрүп чыгууларына карабастан, бирер чечимге келише албай жатышканынын, токтом чыгара албай жатышканынын сыры – мына ушул. Эгер Европа менен Америка ушул учурда бирер чечимге келишишсе, бардык тараптар пикирлерин өзгөртүп, эч экиленбестен дароо ага кошулушары анык.

3. Өкмөттү жактоочулардын жана оппозициячылардын кызыкчылыктары менен шайлоо жаатындагы арамза ниеттери Харирий маселесин басып кетиши күтүлүп жаткан иш эле. Эмнеге дегенде, жактоочулар тарабы да, оппозиция тарабы да Харирий маселесине Ливанды талашып-тартышып жаткан мамлекеттердин жана алардын

карамагындагылардын кызыкчылыктарын жүзөгө чыгаруу тешигинен карайт. Эгер бул мамлекеттер өз кызыкчылыктарын ишке ашыра алса, куду өтмүштөгү маселелерге окшоп, Харирийдин маселеси да унутулат. Кийин өздөрүнчө бир шылтоону издеп табышат да, ага талашып-тартышып жаткан колонизатор мамлекеттер ыраазы болушат, ички күчтөр болсо ага кол чаап турат.

4. Өкмөттү жактоочулар менен оппозициянын эл аралык текшерүү комиссиясынын коркунучтуулугун, анын Ливан үстүнөн мандат орнотуу үчүн түзүлгөндүгүн сезбей жатышканына себеп, өз жеке кызыкчылыктары менен алек болуп, Ливандын мандат астына кириши, же өз суверенитетин сактап калышы аларды кызыктырбагандыгы. Саясий тараптар – эки тарап тең т.а. өкмөт жактоочулары жана оппозиция кандай наам менен аталбасын, бул мандатка жан деп ыраазы болуп турушат.

Америка менен Европа ортосунда талашка түшүп турган Ливан ушул абалында кете берсе, колонизатор капырлардын оңой жута турган сугуму, ал эми, өз калкы жана аймагынын болсо, зыянкечи болуп кала берет. Андагы пробемалардын бирден-бир чечими – өз түпкүлүгүнө – Сирия диярларына кошулуп, баары биргеликте күчтүү-азиз, адилеттүү, туура жолдогу Халифалык мамлекетин тикелөөлөрү. Мына ошондо гана мусулман да, мусулман эместер да – бардык букаралар тынчтык, бейпилдик, ынсап-адилеттикке жетишет. Өкүм чыгарууда өңү-түсү, дини, жынысы ажыратылбайт, баарына тең каралат.

## Ливандагы президенттик шайлоо тууралуу

**Суроо:**

*Ливанда парламентте кворум жетиштүү болбогону үчүн өлкө президентин шайлоо кечигип жатат. Бул абал бир нече ирет кайталанды. Белгилүү болгондой, таасирдүү күчтөр: «Хизбуллах» жана анын тарапкерлери о.э. «Мустакбал» жамааты жана анын тарапкерлери.*

*Ливанда Иран менен Саудия ортосунда курч кескиндик байкалып жатат. Эки мамлекет тең Американын малайы го? Анда, мунун себеби эмнеде?*

**Жооп:**

Ушул нерселерди карап чыксак жооп аныкталат:

1 – Ливан президентин шайлоо жана бул мамлекетте абалдын турукташуусу азыр Американы тынчсыздантып жаткан маселелерге кирбейт. Америка Ливан темасын Сириядагы абал менен байлап жатат. Себеби, Америка Сириядагы малайы Башардын ордуна башка малайды таба албаганы үчүн Ливан президентинин шайлоосун Ливандагы тайпалар «королдору» ортосундагы майнапсыз тартышууларга таштап койгон. Бирок, азыр Америка (Сирия жаатындагы) келишим жана сүйлөшүүлөр маселесинде кандайдыр бир деңгээлде ийгиликке жетишкенден кийин, айрыкча, бул кыянатчыл сүйлөшүүлөргө исламий деп аталып жаткан бир нече отряддарды тартууга жетишкенден кийин – эгер, иштер ушул абалда кетип, келишим жана сүйлөшүүлөр улана берсе – Ливан президентинин шайлоосу жакындаша берет. Т.а. Ливан президентинин шайланышы Америка Сирияда өзүнүн илманий долбоорун ишке ашыруусуна байланыштуу. Америка бул чечимди (долбоорду) ишке ашырууга канчалык жакындашса, Ливан президентин шайлоого да ошончолук жакындашат. Булардын баары Америка пландарына ылайык жүзөгө чыгарылат...

Корутунду: Америка келишим жана сүйлөшүүлөрдү улантууга жетишсе Ливан президентин шайлоо проблемасынын чечилиши жакындашат. Америка буга жетишмейин Ливандагы тайпалар ортосундагы майнапсыз, болбогур тартышуулар уланып, убакыт созула берет. Бул абал Ливандагы окуяларды күзөтүүдөн анык көрүнүп турат. Себеби, Харирий Тони Франги менен келишим түзүм жаткан болсо, анын катарлашы Самир Авн менен келишим түзүүдө! Ал эми, «Иран Хизби» Франгиге да, Авнга да дос болгону менен, бирок, ал четте турат! Эгер, бул хизб ушул экөөсүнүн бирине ыраазылык берсе, бул хизбдин таасири себептүү ал шексиз шайланмак...

Демек, ушул курулай тартышуулар президент маселесин толук чечүүнү кечиктирүүнү көздөйт.

### Ливандагы эл аралык күрөш тууралуу

**Суроо:** *Акыркы убактарда Ливандагы эл аралык күрөш басаңдап, бир кыйла солгундай түшкөндүгү күзөтүлдү. Ко-ош, мунун себеби эмнеде? Бул Ливан үстүндө Америка-Франциянын таасир талашуу күрөшү аягына жеткенин жана Ливан проблемаларын чечүү үчүн өз ара келишүү жолуна өткөнүн түшүндүрөбү?*

**Жооп:** Жоопту жакшы түшүнүп алуу үчүн төмөнкү нерселерди айтып өтүү керек:

1 – Белгилүү болгондой, Америка көптөгөн жылдардан бери Ливанда беймарал ызгыды. Айрыкча, Тоиф бүтүмүнөн тартып жана Сирия армиясын Ливанга киргизгенден кийин мына ушундай ызгыды. Сирия ошентип Америкага Ливанда негизги оюнчу болуу кепилдигин берди.

2 – Мындай абал Харирийге кол салуу болгонго (т.а. ал өлтүрүлгөнгө) чейин улантылды. Европа, айрыкча, Франция Харирийдин өлүмүнөн абдан жемиштүү пайдаланды. Ширак бул окуяны жергиликтүү, регионалдык жана эл аралык коомчулуктун пикирин Америка, Сирия жана алардын бардык союздаштарына каршы каратып коюу үчүн аябай ыңгайлуу учур деп билди. Ширак кол салуу жүз берген убакта Ливан бийлиги өз колуна өттү деп билди. Чындыгында, Ширак абалды Американы кыйын абалга салып коё турган даражада өөрчүтүүгө жетишти. Натыйжада, Америка Сирияга өз армиясын алып чыгып кетүү жана бир канча убакытка караанын көрсөтпөй туруу тууралуу жашыруун буйрук берүүгө мажбур болду. Бирок, Ширак Франциясы күрөштү уланта берди. Британия адаттагыдай Америка менен ачыктан-ачык кагылышпоо, бирок, аны «парда» артынан тынчсыздантып туруу саясатын жүргүзүп, «парда» артынан абалды курчутуп турду. Франция болсо Америкага катуу каршылык көрсөттү.

3 – Ошентип, Ливан жөнүндөгү Америка-Франция күрөшү улана берди. Эки тарап тең жан үрөп Ливандагы жергиликтүү «курал»дарын ишке салышты. Америка Ливанды өз чеңгелинен чыгарбай кармап калууну каалады. Европага, айрыкча, Ширак Франциясына болсо Ливанды мурункудай өз колониясына айлантуу арзуусу тынчтык бербеди. Ошондуктан, Франция кол салуу окуясын Америкага, Сирияга жана алардын Ливандагы союздаштарына каршы абалды курчутуу үчүн бир ыңгайлуу учур деп билди. Франция Ливанды кайра өз колониясына айлантуу үчүн бул кырдаалдан пайдаланмакчы болду.

4 – Бул күрөш 2007-жылдын баштарына чейин, анығыраагы, Сарказий Францияга президент болуп шайланганга чейин улантылды. Белгилүү болгондой, Сарказий Америка досторунун бири жана ал мурунтан эле Америка менен саясий жакындашуунун тарапкери болуп келген. Ал, ал тургай, демократтардан да неоконсерваторлорго, айрыкча, жөөттөргө жакыныраак. Себеби, анын энеси жөөт.

5 – Ширактын доорунда Американын Иракка бастырып кириши жаатында Франция Америкага каршы позицияда турган эле. Ал эми, Сарказий мына ошол каршылыктарды басууга уруна баштады. Ал Америка Иракка бастырып кирип бүттү, бул иш өтмүшкө айланды, ошондуктан, азыркы милдет бул баскынчылыкка каршылык билдирүү эмес, балким, анын вакыйын үйрөнүп чыгып, андан кийин бул маселени чечүү деп эсептей баштады.

6 – Эң негизгиси, Ливан жаатында Америка менен Франция ортосундагы күрөштүн басаңдашы болду. Франция жана Америка расмийлеринин өз ара сапарлары көбөйдү. Балким, француз расмийлери Вашингтонго көбүрөөк сапар жасай турган болуп калышты.

7 – Ошондон кийин Ливан жаатында Америка менен Франциянын өз ара саясий аракеттери башталды. Мындай аракеттер – бири экинчисин региондон

бүтүндөй сүрүп чыгарууга караганда – көбүрөөк өз ара тил табышууга, «олжо»ну тең бөлүшүүгө жакыныраак болгон аракеттер эле.

8 – Ошондуктан, демек, азыр Америка менен Франция Ливан жаатында, Ширак доорундагыдай бири экинчисинин кызыкчылыктарын жокко чыгаруу жолун эмес, балким, өз ара тил табышып, бир чечимге келүү жолун издешүүдө деп айтууга болот. Бул чечим эки мамлекеттин таасир көлөмүн эсепке алып, айрым өзгөчө укуктарды берүү менен бирге, ар биринин кызыкчылыктарын сактап кала турган да чечим болушу керек.

9 – Демек, каршылаш тарап бир гана англичандар жана алардын Ливандагы жүгүртөктөрү болуп калууда. Алар Америка менен Франциянын өз ара тил табышуусуна зыян жеткириши мүмкүн.

10 – Ошентип, Ширак доорунда Ливан маселеси боюнча Америка менен Франциянын ортосундагы күрөш кызуу түс алган эле. Британия болсо, Франциянын тарабында туруп алып, бул күрөштү Америкага каршы күчөтүп турган болчу. Бирок, ал муну «парда» артынан жасаган.

Күрөш Франциянын Ливанга кайтып, Американы сүрүп чыгарышынын, же Франция жеңилип, Американын мурункудай Ливанда бекем орношуп алышынын үстүндө болгон. Т.а. күрөш компромиссти (өз ара келишүүнү) кабыл албай турган олуттуу күрөш эле. Ливанда же жалгыз Американын гана амалий таасири сакталып кала бериши керек болчу, же Франция аны сүрүп чыгарып, анын ордун ээлеши керек болчу. Ошондуктан, күрөш кызуу көрүнүштө болгон. Бул кызуулук эки тараптын о.э. Британиянын Ливандагы жүгүртөк «курал»дарынан көрүнүп турду.

Саркозий дооруна келип Америка-Франция күрөшү басаңдап, бул күрөш экөөсүнүн канчалык таасирге ээ экендигине карай кызыкчылыктарды өз ара бөлүштүрүү үстүндө боло турган болду. Т.а. күрөш Ширак доорундагыдай, «же Франция, же Америка» деген схема боюнча жүрбөй турган болду.

Ошондуктан, эгер Америка менен Франция Британия жана анын жүгүртөк малайларынын аралашууларынан о.э. алардын туруксуздукту

келтирип чыгарышынан аман болушса, демек, экөөсү Ливан жаатында өз ара келишилген кандайдыр бир чечимге жетишүүлөрү мүмкүн.

Эми суроонун Америка менен Франция ортосундагы күрөштүн аягына жеткендиги жөнүндөгү экинчи бөлүгүнө келсек, иш андай эмес. Азырынча аягына жетти деп айтуу туура болсо да, бирок, мындай абал узакка созулбайт. Себеби, Америка акмактарча кекирейип, менменсингени, текеберденгени себептүү башка мамлекеттерди өзүнө теңөөгө же кызыкчылыктарды өз ара бөлүшүүгө таптакыр ыраазы болбойт. Тескерисинче, ал кайра жеке кожоюн болууга умтулуу жолуна өтөт. Бул болсо албетте Франциянын кыжырын кайнатып, күрөш кайрадан башталат.

Эгер азыр Америка Ирак, Афганистан жана башка жерлерде кыйын акыбалга түшүп калбаганда, Саркозий менен достук жана кызыкчылыктарды өз ара бөлүштүрүү алкагындагы мамиледе болмок эмес, тескерисинче, зордукчул мамлекеттердин адатына ылайык, ага дароо «курал» сунган болор эле.

Эми суроонун акыркы бөлүгүнө т.а. маселе өз ара тил табышууга карай бара жатат деп айтуу ыктымалына келсек, бул божомол Америка менен Франциянын Британия пландарынан жана айла-амалдарынан, тузактарынан канчалык деңгээлде кабардар болушуна карап туура болот. Бизге Британия бул жаатта абдан чебер болуп кеткендиги жана анын да Америка менен Франция сыяктуу Ливанда өзүнүн адамдары бар экендиги белгилүү.

11 – Тыянак:

Ширак доорунда Ливан маселеси боюнча Америка менен Франция ортосундагы күрөш кескин түс алган болсо, азыр Саркозийдин дооруна келип бул күрөш солгундады. Бул экөөсү чечим катары өз ара тил табышууга аракет кылышууда. Бул чечим экөөсүнүн кызыкчылыктарын сактап калышы керек. Ошону менен бирге, экөөсүнүн эл аралык майдандагы таасири да эсепке алынат.

Эгер экөөсү Британия менен анын Ливандагы малайлары койгон тузакка жана айла-амалдарга бөгөт коюуга жетишсе, анда экөөсү өз ара мамилелерди жумшартуу, келишүү жолун карманышат, мындай келишүүгө болгон абал алардын Ливандагы малайларынан көрүнөт.

Албетте, Британия Америка менен Франциянын ортосундагы күрөштү курчутууга кубаты жетпейт. Бирок, ошондой болсо да, бул кубаттын ыктымалы сакталып турат, ошондуктан, аны эсепке алуу керек.

**Ливандагы саясий оюндар тууралуу**

**Суроо:** *Ливандагы күрөш жаңы баскычка кирди деген кеп-сөздөр туурабы? Эгер туура болсо, жаңы баскыч башталышы үчүн Ливан «оюн» шарттарынан эмне өзгөргөн?*

**Жооп:** Ливандын жаңы баскычка киргендиги туурасындагы сөздүн бир кыйла туура тарабы бар. Бул толук айкын болсун үчүн маселени башынан көрүп чыгабыз:

1 - Тоиф келишиминен баштап тээ Харирийдин өлтүрүлүшүнө чейин Америка Ливанда таасирге ээ болуп турду. Сирия кошууну Американын уруксаты менен Ливанга киргенден баштап, Сирия Ливанда Американын таасирин сактап турду.

2 - Харирий өлтүрүлгөндөн кийин Франция (Ширак) үчүн «алтындай учур» табылып калды жана Ливандагы таасирин кайра тикелөө үмүтү пайда болду. Кыскасы, Ширак окуяларды көбүртүп, Ливандагы малайларын аракетке келтирди. Ширак Америка, Сирия жана бул экөөнүн малайларына каршы коомчулук пикирин козгоого жетишип, натыйжада Америка Ливандан Сирия кошуунун чыгарып жиберүүгө көнүп, Сирия аны аткарды.

Бир тараптан Америка, Сирия жана бул экөөнүн малайлары менен, экинчи тараптан болсо, Франция жана анын малайлары ортосунда саясий күрөш кызуу уланды. Британия жана анын Ливандагы малайлары Америкага ачык душмандыгын билдирбеген абалда парда артынан Францияны колдоп-

кубаттай баштады. Британиянын саясаты өзү ушундай. Америкага ачык душмандык кылбастан, бул ишин парда артынан аткарат.

3 - Саркази Францияда бийликке келгенге чейин абал мына ушундай уланды. Анткени, ал Америка жетекчилигине садакаты менен таанылган. Бул нерсе анын шайлоо алды кампаниясында да көзгө ташталды. Ошондуктан, Америка менен Франция (Ширак) ортосундагы кызуу күрөш токтоду да, анын ордун Америка жана анын малайлары менен Франция жана анын малайлары ортосунда спорттук мелдеш рухундагы мелдеш ээледи. Саркази Франция кызыкчылыктарын этибарга алып, Ливандагы чечим боюнча Америка менен «өз ара түшүнүшүүгө» үмүттөндү. Франциянын (Сарказинин) Ливанга барып келиши жана чечимге катуу киришүүсү жанданды.

4 - Ушул чечимге жетишүүнүн ыктымалы болгон эле. Бирок, Британия жана анын Ливандагы малайларынын көнбөстүгү ага тоскоолдук кылчу эле. Ал Америка менен Франция ортосунда иш чечилип, өзүнүн окуялардан четте калып кетишине ыраазы болбойт эле. Себеби, ал саясий куйтулугу менен айырмаланып турат. Ошондуктан, кандайдыр чечимге келүү жакындашкан маалда Британия адамдары Ливанда пайда болуп ызы-чуу көтөрүшчү. Бирок, бул нерсе тараптарга –Францияга да, өкмөткө да, Америка, Сирия жана оппозицияга да – таасир кылбайт эле. Ошондуктан, ал спорттук рухтагы мелдешке окшоп калды. Бирде анысы, бирде болсо мунусу көтөрүлөт. Андан кийин болсо, кызуу маддий күрөшкө жетүү биякта турсун, кызуу саясий күрөшкө да көтөрүлбөстөн, анысы да, мунусу да тынчып калат.

5 - Мындай абалды Америка, Франция жана алардын малайлары Ливанда спорттук мелдеш абалында, Британия жана анын адамдары «ызы-чуу» абалында улантышты. Бирок, Франция менен Америка ортосундагы алака курчубады жана Британия «эки команда» ортосундагы «спорт оюнун» өзгөртүп жибере албады. Бул абал 2008-жылдын 27-мартына чейин т.а. Франция президенти Николя Саркази менен Британия премьер-министри Гордон Браун Америка ипотека (кыймылсыз мүлктү күрөөгө алуу)

компаниялары кризиске учурашы жана бул кризис Европа компаниялары жана банктарына төлөнүшү керек болгон чоң көлөмдөгү карыздардын жок болуп кетишине себеп болгондон кийин жолугушканга чейин уланды.

Британия өзүнүн саясий куйтулугун ишке салып жана Сарказинин саясий боштугунан пайдаланып, Сарказинин жүрөгүндө – Европа компаниялары жана банктарынын башына түшкөн үлкөн зыян маселеси тууралуу –Америкага карата «каар ойгото» алды окшойт. Бул компания жана банктар Американын ипотека компаниялары кризисинин натыйжасында ушундай зыян көргөн эле. Бул болсо, Ливандагы алакаларда өз көрүнүшүн тапты. Айрыкча, Франция Американын чечимдерди артка сүрүп жатканын сезгенден кийин ушундай болду. Америка Францияга Ливан «пирогу»нан бир тиштем да бербестен Ливанда өз таасирин кайра дагы толук орнотуу үчүн шарт жаратуу максатында чечимдерди артка сүрө баштады.

Ошол убактан баштап Франция-Американын Ливан тууралсындагы алакасы спорттук мелдештен өтүп кеткени күзөтүлдү. Британия иштери да Франциянын өкмөттөгү адамдары этибар бербей турган даражадагы жалаң «ызы-чуу» салуу гана болбой калды. Өкмөт Жанбулаттын ызы-чуулары өкмөт саясаты жана токтомдоруна таасир көрсөтпөй турган көлөмдө аларды кабыл алгандан кийин иштер өзгөрүп, олуттуу түс ала баштады.

6 - 2008-жылы апрель ичинде алакалар тармагы жана аэропорт камералары маселеси түтөгөндөн тутанган доорго т.а. Жанбулаттын басма сөз жыйынын өткөрүп, анын алакалар тармагы, аэропорт камералары жана аэропорт коопсуздугу башчысы маселесин козгоо доорун тандоо үчүн даярдык көрүү аракетине кирди.

7 - Өкмөт мурда ар кандай «ызы-чуулар» токтомдорго таасир көрсөтпөй турган мамиледе болгону сыяктуу Жанбулаттын козгошуна да ушундай мамиледе болуу ордуна бул жолу Британия менен Франция бири-бирине жакындашкандыктан ага жооп кайтарды. Өкмөт жыйын өткөрүп,

тармак жана камералар токтомун о.э. аэропорт коопсуздугу жетекчиси токтомун кабыл алды.

8 - Жыйынтыктап айтканда, Британия алакалар тармагы жана аэропорт коопсуздугу директору маселесин козгогондон кийин Америка, Сирия жана оппозициянын каршылыгы – айрыкча, Америка шайлоо кампаниялары эң чокусунда турган бир убакта – таптакыр кызуу маддий түс албайт деген этибарда, бул тууралуу өзүн колдоп-кубатташы үчүн аста-секин Францияны өзүнө оодуруп алды. Кала берсе, проблема армияны оппозицияга каршы кылып коюуга алып келет, ошондон кийин, Франция жана Британия өкмөт тарапкерлери сезилерлик үлүшкө ээ боло турган чечимге жетишилет деген этибарда Британия Францияны өзүнө оодуруп алды.

9 - Франция менен Британия эсептен адашышты. Анткени, Америка, Сирия жана оппозиция сан жагынан да, даярдык жагынан да күчтүү линияларды өз колунда кармап турат. Даана саясатчы каршылыктын спорттук мелдеш алдында да, кызуу саясий күрөш алдында да токтоп калбастан, кызуу маддий күрөшкө өтүп кетишин жакшы билет. Муну Британиянын да түшүнүп турганы ыктымалдан алыс эмес. Бирок ал Америка, Франция жана алардын малайларынын ортосунда карталарды аралаштырып таштоо үчүн ишти козгоо ыктымалы күчтүүрөөк!

10 - Азыр бул окуялардын чечилип аякташы күтүлүүдө, бирок, ал көбүрөөк Ливанда Америка, Сирия жана оппозициянын пайдасына чечилсе керек. Таразанын ушул жагы оорураак, Европа жана тарапкерлер жагы болсо жеңилирээк келет. Жаңы Тоифтин аты жана мазмунун… же калыбы жана темасын өзгөртүппү, же анын аты биринчи атына алакадар болуп, мисалы «Тоиф-2» деп аталган абалда калтырылып, темасын өзгөртүү аркылуу болобу, баары бир анын чечимдери оор келиши ыктымалдан алыс эмес!

11 - Ошондуктан, жаңы баскыч тууралуу сөздүн туура жагы да бар.

**5-жумадул-аввал, 1429-х.**

**9-май, 2008-м.**

## Ливан өкмөт башчысы Харирinin Саудияны ээрчиши

**Суроо:**

*Харири өзүн өзү кызматтан алгандан кийин кайра кайтып келип 2017.12.05 министирлер кеңешин жетектеп жыйын өткөрдү. Жыйындан кийин министрлер анын өзүн өзү жумуштан алуусуна макул болушкандыгын билдирди. Харирinin аракеттери күзөтүлсө анда карама каршылыктар жана эки анжылык жүз берип жаткандыгын көрүүгө болот. Ливанда көп жыл президенттик мансаптын бошутугунан кийин Харири 2016. 10. 20 Аунга барды аны менен президентикке жана өкмөткө келишти. Харири Аун жана хизбулла бир блок экендигин жана хизбулла негизги иш алып баруучу элемент экендигин да билет. 2017. 11. 04 Харири өзү Саудияда жүргөндө кызматтан кеткендигин билдирди жана хизбуллага карата каарын жаадырды. Азыр болсо кайра кызматка келип өкмөттө кызматын улантып жатат. Ал өкмөттө хизбулла да бар. Харирinin аракетиндеги мындай карама каршылыктар жана экиленүүлөрдү кандай түшүнсө болот? Анын аракети Иран жана хизбулланын таасирин азайтууга каратылганбы? Учурдагы абалдан пайдаланып Израил Ливанга же хизбуллага карата душмандык кылуусу мүмкүнбү? Рахмат.*

**Жооп:**

Жооп түшүнүктүү болушу үчүн Харири үй-бүлөсү менен Саудия ортосундагы алакага токтолуп өтүү зарыл. Саудияны Британчыл малай аким башкарып турган учурда Харири Саудияга ээрчиген. Бул нерсе Харирinin аракеттерине жана анын Ливандагы саясатына таасирин берген. Кийин Саудия жетекчилигине Америкачыл жетекчинин келиши да Харирinin аракеттерине таасир берди. Анын баяны төмөнкүчө:

1. 2014-жылы май айында Ливандын мурунку президенти Мишел Сулаймандын мөөнөтү бүттү. Ал учурда Саудиянын падышасы Британчыл

Абдулла бин Абдул Азиз болчу. Ливанда хизбулла Аундун мамлекет башчы болуусуна бекем турду. Маалым болгондой Аун жана хизбулла Америкага малай Иран тарабынан колдоого алынат. Ошондуктан, падыша Абдулла Ливанда Аундун президент болушуна каршы болду. Кийин Саад Харирини Аундун президенттикке кандидаттыгын коюусуна каршы чыгууга буюрду. Анткени Харири Саудия саясатын ээрчиген адам эле. Башкача айтканда Абдулланын саясатына ээрчиген. Ошол үчүн Ливандын мамбашчылык мансабы эки жарым жылдай бош калды. Тактап айтканда Мишел Сулаймандын 2014-жылдын майында мамбашчылык мөөнөтү бүткөндөн баштап 2016-жылдын 31-октябрында Ливан парламенти Аунду мамбашчылыка шайлаганга чейин .

2. Бул нерсеге түрткү берген жагдай Саудиядагы бийликтин өзгөрүүсү. Падыша Абдулла 2015. 01. 23 дүйнө салды. Бийликти анын бир тууганы Салман колго алды. Маалым болгондой ал Американын малайы. Бул жаңы падыша мурунку падыша Абдулланын балдары, жакындарынан турган өкмөттөгү Британчыл атка минерлерди тазалоо менен ишин баштады. Саудияда иш тизгин колуна өткөндөн кийин Американын көргөзмөсү аркылуу Аунду мамбашычылыкка алып келүү менен Ливандагы абады жөнгө салууну баштады. Америка Салман аркылуу Харирини каршылык көргөзбөөгө буюрду. Ошол себептен улам Харири Аунга барды жана анын мамбашчылыкка талапкерлигине келишти. Башкача айтканда Абдулла учурундагы Харири жетектеген оппозициялык каршылык Салмандын учурунда аягына чыкты. Өкмөт башчы Саад Харири өлкөнүн борборунан төрага Фуад Синьёр башчылыгындагы өз блогунун мүчөлөрү жана депутат Байя Харирининин катышуусу менен Мишел Аундун мамбашчылыкка болгон кандидаттыгын колдоп чыкты. Ал жыйында Харири мындай деди: “Биз жетишкен келишимге ылайык бүгүн силердин алдыңарда өлкө башчылыгына генерал Мишел Аундун кандидаттыгын колдоп чыккан токтомумду жарыялайм” (“Анхаар” 2016.10.20) Ушундан кийин парламент 2016. 10. 31

жыйын куруп Аунду мамбашчылыкка шайлашты. “Келечек кыймылы” жамаатынын лидери Саад Харирининин Мишел Аундун мамбашчылыкка болгон кандидаттыгын колдоп чыгуусу эки жыл беш айга, тагыраагы, Мишел Сулайман 2014-жылы майда кызматтан кеткенден бери бош турган мамбашчылык мансабына келгенге чейин созулду. (“Аль арабия” 2017. 10. 31 ) Ошол үчүн Аундун Саудияга болгон иш сапары жакшы жооп берүү ирээтинде болду! Жогоруда айтып өткөнүбүздөй Харири Саудия падышаларынын ыргагына карата жүрдү. Бирде оппозиция болуп, бирде келишимге ылайык болуу менен Саудия падышаларынын буйругунун ыргагында жүрдү.

3. Трамп бийликке келгенден кийин Саудияга 2017. 05. 20 иш сапары менен барды. 50 мамлекеттен ашык мусулман өлкөлөрүнүн рубайвиза акимдеринин катышуусундагы самитте Иран жана анын жамааты хизбуллага карата эскалацияны күчөтө турган билдирүүлөрдү берди. Мындан максат назарды Палестина көйгөйүнөн Иранга карата буруу болду. Трамп бул иш менен Куддусту Израилге борбор кылып берүүчү долбоорду алдын ала пландаган. Трамптын бул билдирүүлөрү байма бай берилди... Ошол эле маалда Саудия жана андан бөлөктөрү да ушул жолдун негизинде жүрүштү. Анткени, Ирандын аймактагы негизги ролун Ливандагы хизбулла жамааты аркылуу ишке ашырат. Иран бул жамааты менен Сирия маселесине да аралашты. Саудия Харириден хизбуллага жана Иранга каршы саясат алып баруусун талап кылды жана аны Саудияга чакырды. Саудияга баргандан кийин өзүн өзү кызматтан кетирүүсүн жана Иран, хизбуллага каршы билдирүү берүүсүн талап кылды... Кырдаал ушундайча болду. 2017. 11. 04 Харири келди жана өзүн кызматтан кеткендигин жарыя кылды. Иран хизбуллага каршы билдирүүлөрүн берди.

4. Америка Иран жана хизбуллага каршы берилген билдирүүлөр Иран жана анын хизби менен мамилени үзө тургандыгын билдирбестигин билет. Анткени бул билдирүүлөр болгону Булуң мамлекеттерин коркутуу үчүн

эскалация кылынып жаткан. Америка Саудия жана Харириден Иран жана анын хизбине каршы билдирүүлөрдү беришин каалады. Бирок бул билдирүүлөрдүн негизинде иш алып барууну каалган жок. Башкача айтканда Ирандын хизбулласын жок кылууну эмес, Ливан көтөрө ала турган даражада эскалация кылууну каалады. Ошол үчүн Америка Саудиядан Харири билдирүүлөрүн жумшартышын талап кылды. 2017. 12. 04 "Нашарата" сайтында мындай маалымат чыкты: "Саудия шахзаадасы Мухаммад бин Салман Ак үй менен түзмө түз толук түрдө макулдашкандан кийин гана аракетке келди. Америка мамбашы Трамп кызматына киришкенден бери анын кеңешчиси Жаред Кушнер төртүнчү жолку иш сапары менен Ортоңку Чыгышка келгенден кийин Мухаммад аракетке өттү. Бул иш сапар массалык маалымат каражаттарынын көз алдынан алыс болду. Кушнер жана аны коштоп жүргөн делегат Саудияда төрт күн болду. Андан кийинки Миср, Иордания, Израилге болгон иш сапары тез аяктады. Кушнер келип кеткенден кийин эки жума өткөндөн соң Ливанда кризис жана Саудияда камоолор башталды. Ливандагы курч мүнөздө жүз берген крисизтин алкагында күчү аймактан тышкары жайыла баштаган "хизбулланын" күчүн мурунку аймактык күчүнө кайтарып коюучу кысым өткөрүүдө Сауд арабиясы менен Ак үйдүн ортосунда өз ара түшүнүү белгилери көрүндү. Мына ушул негизде Саудия шахзаадасы Ливан өкмөт башчысы Харири аркылуу Ливандын өкмөтүнө каршы чабуул койду. Ошону менен бирге ал Мишел Аундун Бабда хан сарайына келиши менен пайда болгон мунасага доо кетирди. Бирок Саудиянын ыкмасы дипломатиялык чеберчиликсиз катуу мүнөздө болду. Ал Ливандын ички туруктуулугуна доо кетире баштады. Ал учурда Америка инситуттары "хизбуллага каратылган кысым, кырдаалдын курчуп кетишинен улам күтүлбөгөн иштерден кыйгап өтүү мүмкүн эместигинде эки анжы болуп калышты. Ошондуктан Америка инситутары Ливандын туруктуулгуна бүтүндөй коркунуч жаралып жатат деген негизде иш алып бара баштаашты." ("Нашарата" сайты 2017. 12. 04)

5. Мына ушундайча Харири Саудиянын буйругу негизинде кылган жоон үндүү билдирүүлөрүн басаңдата баштады. Саудия Франциянын президентин кабыл алды жана сүйлөшүүлөр жүрүп Харири менен жолукту. Кийин Харири Фрацияга барды. Андан кийин Мисрге барды. Ал өзүнө ылайыктуу позиция ээлеп калуу үчүн кеңеш жүргүзүп жаткандай абал жаратты. Ага мындай позиция сапарга чыгыгышынан мурун Саудия тарабынан сызылып берилген эле. Харири кызматтан кетүү мөөнөтү аягына чыга электен мурда хизбуллага карата жумшактык позициясын көргөзө баштамак. Кырдаал ушундайча уланды 2017. 11. 21 Харири Ливанга кайтып келди. Кийин 2017. 11. 22 өзүнүн кызматтан кетүүсүн кечеңдешин жарыя кылды. Кийин хизбуллага карата өтө жумшак мүнөздө билдирүү бере баштады. Башкаларды алдоодон мурда өзүн алдаган хизбулла өлкө ичинде курал колдонбойт деген мүнөздөгү билдирүүлөрдү бере баштады. Харири өлкө ичинде хизбулла бир нече жолу курал колдонгон окуяларды көз жаздымда калтырууга аракет кылды. Өзүн кызматтан кетирүүдөн кайткандыгын да жарыялады. 2017. 12. 05 өзүнүн башчылыгында өкмөт мүчөлөрүн чогултуп мындай деди: "азыркы кырдаалда өкмөт мүчөлөрүнүн макулдугу менен башка араб мамлекеттеринин иштеринен алыс болуу чечими чыкты." Харири бул сөзүн хизбулланын мүчөлөрү Сирияда күнү түнү согуш жүргүзүп жаткан учурда айтты.

6. Корутундулап айтканда Харири Саудия өкмөтүн ээрчиди. Саудиянын малай акимдеринин саясаты бүтүндөй Харириде да чагылат. Бул иш ар бир аң сезимдүү адамга маалым. Алдоо менен эч ким оңолбойт.

Ал эми Ирандын жана анын хизбинин таасирин азайтууга келсек. Бул иш жүзөгө аша турган нерсе. Бирок Сирияда Америка каалаган саясий чечимге жеткенден кийин гана Иран менен анын хизбинин аймактагы таасирин азайтууга кадам коёт. Сириядан анын хизбулласын чыгарып, анын аскерий ролун кыскартат. Маалым болгондой хизбулла Ирандын өкмөтүнүн саясаты негизинде жүрөт. Ошондой эле Харири да Саудия өкмөтүнүн саясаты негизинде жүрөт. Ошондуктан Сирия маселесине чек коюлса

Иранды ал жактан чыгарат жана анын Ливандагы хизбулласы да ал жактан чыгарылат.

Ал эми Израилдин Ливанга же хизбуллага карата душмандык кылуусу күтүлөбү дегенге келсек, бул иш Сирия маселесинин чечилиш алкагына карата болот. Тактап айтканда жаңы кырдаалдарга жараша болот.

**2017. 12. 09**

## Ливия маселеси тууралуу берилген суроолорго жооптор

## Ливия майданындагы саясий жараяндар

**Суроо:**

*2014-жылы 2-июнда легитимдүүлүгү талаш жараткан премьер-министр Ахмад Маитик «Мисурата» борбордук округунун аскерий бөлүгүнө таандык күчөтүлгөн аскерий отряддардын коргоосу астында борбор Триполидеги премьер-министрлик имаратына кире алганы жарыяланды... Жалпы Улуттук Конгресс (ЖУК) 2014-жылы 25-майда Триполиде өткөргөн жыйында жаңы премьер-министр Ахмад Маитикке ишеним билдирүүнү макулдаган. Мурунку премьер-министр Абдуллах Саний болсо, жаңы өкмөттү жаңы премьер-министрге тапшырууну четке какты. 2014-жылы 29-майда мурунку премьер-министр өз өкмөтүнүн жыйынын өз кеңсесинде өткөргөн болсо, жаңы премьер-министр өз өкмөтүнүн жыйынын мейманканалардын биринде өткөрдү. Парламенттик шайлоолор 2014-жылы 25-июнда өткөрүлүшү жарыяланды. Отставкадагы генерал Халифа Хафтар 2014-жылы 16-майда Конгресске каршы билдирүү берип, өкмөттү четке кагышын жарыялап, парламентти таркатууну жана шайлоолорду кечиктирүүнү талап кылды. Ливия майданындагы жараянда Америка менен Европанын аракети байкалууда. Бул аракеттенүүнүн ал жердеги окуялар жараянына кандай тиешеси бар? Бул аракеттенүүнүн отставкадагы ушул генералдын козголоңуна эмне алакасы бар жана андан эмне максат көздөлүүдө?*

**Жооп:**

1 – Белгилүү болгондой, Ливия рошид халифа Умар ибн Хаттаб Г доорундагы исламий фатхтан берки илгерки исламий өлкө болуп эсептелет, Ливия калкынын баары мусулман. Бул өлкө Халифалык жана Ислам башкаруусу астында 13 кылым тынчтык, амандык, жыргалчылык жана туруктуулукта жашап келди. Мындай турмуш 1912-жылы Италия колонизаторлору бастырып келип, бул өлкөгө өз таасирин жайганга чейин уланды. Ливиянын мужахид мусулман калкы бул баскынчыларга эрдик каршылык көрсөттү. Италия экинчи дүйнөлүк согушта жеңилген соң, Ливияга Британия бастырып кирип, өз көзөмөлүн орнотту. Британия 1952-жылдын аягында Ливияга формалдуу эгемендүүлүк берип, бул өлкөдө монархия (королдук башкаруу) түзүмүн орнотту. Британия өзүнүн Ливиядагы таасирине Америка Мисрдеги Абдуннасир аркылуу коркунуч салып жатканын көргөн соң, өзүнүн малайы Каззофийге (Каддафи) жана анын тарапкери болгон бир топ офицерлерге 1969-жылы төңкөрүш жасоону буйруду. Бул малайлар Ливиядагы англистерге көз каранды режимди сактап калуу үчүн режимди Америка зомбулугунан коргоо керек деп, адамдарды алдап насирчилик чүмбөтү астында мамлекеттик төңкөрүштү ишке ашырды. Англистер өздөрүнүн Ливиядагы таасирин мына ушинтип сактап калды.

2 – Америка ондогон жылдар бою Ливияда таасирге ээ болууга аракет кылып ийгиликке жете албады. Анткени, Каззофий Британияга берилип, анын Ливиядагы таасирин сактап калууга жан үрөп аракет кылды. Британия Каззофий менен ал Милитери Академи Сандхёрстто (Military Academy Sandhurst) окуп жүргөндө таанышкан. Ошондон кийин Британия аны колдоп, узак он жылдар бою алга сүрүп келди, Каззофий болсо мунун акысына Британиянын Африкадагы кызыкчылыктарын коргоого аракет кылды...

Ошентип, Ливияда 2011-жылы козголоң жүз бергенге чейин Кошмо Штаттар Ливияда эч кандай таасирге ээ эмес эле жана Каззофий Британияга

берилген малай болчу. Араб жазы жүзөгө келип Мисрде Хусни Мубарак жана Тунисте Зайнулабидин кулатылгандан кийин козголоң тездик менен чегаралардан өтүп Ливияга да жайылды. Британия Каззофийдин күнү бүтүшүнө жакын калганын сезди, анткени, Үммөт өзгөрүүнү каалап жаткан. Ошондуктан, Британия Каззофийден баш тартууга жана анын ордуна башка малайды даярдоого чечим кылды... Ушул максатта Британия Франция менен кызматташтыкта жаңы саясий жетекчиликти түзүүгө киришип, 2011-жылы февралда Улуттук өткөөл кеңешти (NTC) түздү. 2011-жылы 5-мартта болсо Каззофий режиминен бөлүнүп чыккан адилет министри Мустафа Абдулжалил ушул кеңештин төрагасы болуп шайланды. Өкмөт башчысы мансабын болсо Махмуд Жибрил, кийин Абдуррохим Кайб ээледи... Кеңеш 2012-жылы июлда Жалпы Улуттук Конгресс (ЖУК) түзүлгөнгө чейин турду жана Улуттук Конгресс 2012-жылы 8-августта Улуттук кеңештен расмий түрдө милдетин кабыл алды. Ошондон кийин Али Зайдан премьер-министр болуп шайланды. Нурий Абу Сахмин башчылыгындагы конгресс Али Зайданды отставкага чыгарганга чейин Али Зайдан премьер-министр болуп турду. Ошондон кийин Конгресс Абдуллах Санийге убактылуу премьер-министр болууну сунуштады, кийин аны да отставкага чыгарып Маитикти шайлады. Саний менен Маитиктин легитимдүүлүгү азырга чейин чечилбей келет. Ливиялык козголоңчулар жана бүткүл мамлекет бойлоп жайылган куралдуу топтор бул кеңештерге, конгресстерге жана өкмөттөргө таасирин өткөрүп келишти. Бир кеңеш кетип, анын ордуна башка кеңеш, бир өкмөт кетип, анын ордуна башка өкмөт келип жатты.

Улуттук Конгресс конституцияны иштеп чыгуу жана 18 ай ичинде жалпы шайлоолорду өткөрүүгө даярдык көрүү үчүн түзүлгөн. Конгресс кеңештен өз милдетин 2012-жылы 8-августта кабыл алышы менен бул Конгресстин иши 2014-жылы 7-февралда аягына жетиши күтүлгөн. Бирок, Конгресс 2014-жылы 24-декабрга чейин сакталып туруу үчүн өз мөөнөтүн созду жана адамдар бул жаатта экиге бөлүнүп калды... Убактылуу өкмөт

түзүлдү, акыбетте, шайлоо комиссиясы кырдаалга: президентке, парламентке жана өкмөткө мыйзамдуу түс берүү үчүн 2014-жылы 25-июнда жалпы шайлоолорду өткөрүүгө чечим кылды.

3 – Америка Ливиядагы саясий элита Британия өстүрүп чыгарган (француздардын бир аз таасири орун алган) куурчак элита экенин, бул элита Британиянын таасирин бекемдешин жакшы түшүнөт. Бул болсо ар кандай шайлоолор бийликке бир аз гана «эгемендүүлөр» менен бирге Европанын адамдарын алып келишин билдирет. Шайлоолордон кийин кырдаал турукташып Американын ач көз каалоолору зая кетет. Америка таасирде үлүшкө көбүрөөк ээ болуу үчүн Каззофий башкаруусун жок кылууда өзүнүн аскерий таасиринен пайдаланууну көздөгөн. Американын бул каалоосу Европанын өкүмдарлыгы сакталып турган бул чөйрөдө шайлоолордун өткөрүлүшү менен жүзөгө чыкпайт. Ошондуктан, Америка өзүнө малай болгон жаңы саясий элитаны пайда кылуу үчүн Ливияда аскерий жактан «карталарды» аралаштырууга жана чөйрөнү кайрадан калыптандырууга өттү. Ошентип, Америка бир аскерий кишиге мүчөлөрүнүн көпчүлүгү Европа адамдары болгон ЖУК көзөмөлдөп жаткан кырдаалга каршы төңкөрүшкө окшогон нерсени ишке ашырууну сунуштоо менен биринчи кадамды шилтеди. Максат: «карталарды» аралаштыруу жана Америка үчүн абзел шарттар жүзөгө келгенге чейин шайлоолорду кечиктирүү. Шайлоолор бир Американын көзөмөлү менен болбосо да Европа менен шерикчиликте болот, натыйжада майдан Европага таандык болбой калат. Ошентип, Америкага берилгендиги менен таанылган Хафтар Америка планы алкагында аракеттене баштады. Белгилүү болгондой, Каззофий Хафтарды Чад согушунда арамзалык менен жардамсыз таштап, аны четке каккан. Ошондон кийин Хафтар жана 300 ливиялык аскер 1987-жылы мартта туткунга түштү. Кийин Америка Чад менен ортомчулук ролун ойноп, Америка борбордук разведка башкармасы (ЦРУ) Хафтарды азат кылуу үчүн сүйлөшүү алып барды. Америка самолёттору Хафтар жана анын тобун Заирге, кийин Америкага

алып келип, ага Кошмо Штаттарда саясий башбаанек беришти. Ал жерде Хафтар чет элдеги Ливия оппозициялык кыймылына кошулду. Ошентип, Хафтар кийинки 20 жылды Американын Виржиния штатында өткөрдү, ал жерде борбордук разведка башкармасы тарабынан партизандык согуш боюнча машыгуулардан өткөрүлдү жана Ливияга 2011-жылы 17-февраль козголоңунан кийин гана кайтты. Хафтар бул козголоңдо, айрыкча Бенгазиде өзгөчө роль ойноду. 2011-жылдын аягында Ливиядагы жаңы аскерий командачылар өз ара келишип, Хафтарды мурунку туруктуу армиянын ордуна түзүлгөн улуттук армия башкы штабынын башчысы катары шайлашты. Бир канча оппозициячылар Хафтардын Чаддагы тарыхы жана америкалыктар менен байлангандыгы үчүн анын козголоңдогу катышуусуна карата ачыктан-ачык шектенүү билдиришип, сындашкандан кийин ал бул армиядан четтетилди жана армия башкы штабы башчысы милдети мурунку ички иштер министри Абдулфаттах Абидийге тапшырылды.

4 – Хафтар 2014-жылы 14-февралда ага караштуу күчтөр Ливиядагы маанилүү аскерий объектилер үстүнөн өз көзөмөлүн орнотконун жарыялап аракетке келди. Ал өз билдирүүсүндө Улуттук Конгресс (парламент) жана өкмөт иштери токтотулушун жарыялады жана Ливиянын саясий келечеги жөнүндөгү жол картасы деп атаган нерсени ортого салып мындай деди: «Биз ишке ашырган нерсе төңкөрүш эмес жана биз аскерий башкарууну орнотууга аракет кылган жокпуз, тескерисинче, Жалпы Конгресстин кетишин талап кылып чыккан элдин талабына шайкеш аракет кылуудабыз». Бул иш Хафтардын Ливиядагы бийликке басым өткөрүүгө болгон биринчи аракети болду. Хафтар бийликке келгенге чейин же Ливиядагы бийликти кулатканга чейин жол картасында сызып берилген план боюнча өзүнүн саясий максаттарына жетүү үчүн ушундай басым өткөрдү. Мына ошондон кийин, 2014-жылы 16-майда Хафтар дагы аракетин баштап, Бенгазидеги ал террорчу деп атаган куралдуу топторго каршы чабуул уюштурду. Бул чабуулду «Ливия сыймыгы» деп атады. Мына ошондон кийин бул операция борбор

Триполиге көчтү жана Хафтар өзүн улуттук армиянын командачысы жана Ливияны «террорчу» топтордон сактап калуучу куткаруучу катары көрсөттү. Ага баш ийген күчтөр 2014-жылы 17-майда парламентке бастырып кирип, аны кыска убакыт ээлеп туруп, кийин чыгып кетти. Хафтардын улуттук армиясынын сүйлөөчүсү Мухаммад Хижазий «Рейтер» агенттигине: «Бул чабуулду ишке ашыргандар – террорчу топторго каршы чабуул уюштуруп жаткан улуттук армияга таандык күчтөр», деп билдирди. 2014-жылы 25-июндагы жаңы шайлоолор жакындашы менен Ливия дагы да көбүрөөк туруксуздуктар иримине кирди. Халифа Хафтар жана анын күчтөрү борбор Триполиге жана парламентке чабуул жасады. Ал мындан бир апта мурун Бенгазидеги «Шейиттер» бригадасынын базасына каршы операция өткөргөн, бийликтин тарапкери болгон бул бригада Ливиядагы эң чоң жана эң жакшы куралданган куралдуу топтордун бири эсептелет. Мына ошондон кийин Табруктагы Чыгыш Ливия аскерий аба базасынын командачылары 19-майда Хафтарды колдоп-кубатташын билдиришти о.э. армиядан бөлүнүп чыккан бир канча аскерийлер жана улуттук полициянын көзгө көрүнгөн адамдары Хафтарга берилгендигин жарыялашты. Мунун натыйжасында Хафтардын айрым күчтөрү мамлекеттеги кээ бир аскерий аба күчтөрүнөн: самолёттор жана вертолёттордон пайдаланууга жетишти. Хафтар ушул аркылуу Бенгазиде өзүнүн күчтөрү турушун камсыздоого аракет жасады. Учурда куралдуу «Зинтан» жамааттары да Хафтар менен союз түзгөн. Ошентип, анын күчтөрү кандайдыр бир деңгээлде өстү.

Хафтар Ихванул Муслиминге жана «терроризмге» каршы согушка негизги этибарды берген Мисрде жүз берген нерсеге ээрчимекчи болду. 2014-жылы 20-майда «Ортоңку Чыгыш» гезити Хафтардан алган интервьюну басып чыкты. Хафтар интервьюда Америка Мисрде колдонгон ыкмадан таасирленгенин көрсөтүп: «Биз Мисрде жүз берип жаткан нерселерден таасирленип жатабыз», деди. Анын айтымында, ал Мисрдеги Сисийдин ишине окшогон иште кылуу жөнүндө калктан укук алган имиш.

Отставкадагы генерал Халифа Хафтардын расмий өкүлү полковник Мухаммад Хижазий мындай деп билдирүү берди: «Хафтар эгер Ливия калкы андан өз талапкердигин көрсөтүүнү талап кылса, Сисийдин жолунан барат, айрыкча Сисий оор вазыйпаны т.а. Мисрди Ихванул Муслиминден кайтарып алуу вазыйпасын аткара алган соң, Хафтар да анын жолун жолдойт». («Анадолу» агенттиги, 2014-жыл, 30-май).

5 – Мына ошондон кийин Ливия Жалпы Улуттук Конгресси – Халифа Хафтардын коркутууларына карабастан – 2014-жылы 25-май күнү шашылыш жыйын өткөрдү жана парламент жаңы премьер-министр Ахмад Маитиктин өкмөтүнө ишеним билдирүүнү жактап добуш берди. Ахмад Маитик өкмөтү көпчүлүк добуш менен, жыйынга келген жалпы 94 депутаттын 83үнүн добушуна ээ болуп, Улуттук Конгресстин ишеничине жетишти. Бул жыйынды өткөрүү туурасында бекем турулганы даана көрүнүп турду. Конгресс жетекчилиги депутаттарды ушул жыйынга катышууга чакырып, бул жыйын «акыркысы болушу» мүмкүндүгүн билдирген. Саат 11:00дө өткөрүлүшү белгиленген жыйын кворум (катышуучулардын жетиштүү көлөмү) аз болгондуктан кечкурунга кечиктирилди. Бул жыйынды өткөрүү туурасында катуу турулгандыгы депутаттардын Триполидеги валиахд сарайында (падышалык доорунан калган сарайда) чогулганынан да көрүнүп турат. Анткени, Конгресстин имараты Хафтарга тарапкер куралдуу кимселер бул имаратка жасаган чабуулунан кийин жаап коюлган эле. Триполи аскерий отряддарынын биринин аскерлери сарайды коргоо вазыйпасын өз мойнуна алды.

Бирок, Хафтар жаңы премьер-министрдин дайындалышын четке кагарын жарыялап шайлоолорду кечиктирүүгө чакырды. Ал: «Жаңы премьер-министр мамлекетке туруктуулукту кайтара албайт», деп июнга белгиленген парламенттик шайлоолорду кечиктирүүгө чакырды. («АФП», 2014-жыл, 26-май). Хафтар 2014-жылы 21-майда Куралдуу күчтөрдүн жогорку кеңешинин атынан мындай билдирүү берди: «Биз Жогорку сот

кеңешинен бийликти колуна ала турган жарандык администрацияны түзүүнү талап кылабыз», «Өз кезегинде, бул администрация шайлоолорду уюштура турган антикризистик министрлер кабинетин түзүшү керек». Хафтар мындай дейт: «Армия бул чечимдерди Жалпы Улуттук Конгресс (парламент) өз ишин калк талап кылгандай токтотууну четке каккандан кийин кабыл алды». Ал дагы мындай дейт: «Куралдуу күчтөрдүн жогорку кеңеши өткөөл доордо жана андан кийинки доордо коопсуздукту камсыздоо вазыйпасын өз мойнуна алат». («АФП», 2014-жыл, 22-май). Жогорку сот кеңеши 2014-жылы 26-майда бул бидирүүгө каршы Жоопун берди. Жогорку сот кеңеши «бардык тараптарды жараштыруу максатында конституцияны иштеп чыгуу боюнча уюштуруу комиссиясынын төрагасы, уламалар ассоциациясынын төрагасы, тынч жөнгө салуу жараяндарын иликтөө боюнча бөлүм башчысы, мыйзамчылыктарды кайра карап чыгуу комитетинин төрагасы, Өткөөл улуттук кеңештин төрагасы, Элдик өкүлдөр жана аксакалдар кеңешинин башчысы, Февраль комитетинин төрагасы кирген, бардык тараптар менен жолугушууларды өткөрүү милдетин алган коомдук комитетти түзүү жөнүндө» билдирүү берди. («Ал-Жазира», 2014-жыл, 26-май). Аны менен катар, ал-Жазира кабарчысы белгилегендей, бул комитеттин башчысы «Ушул комитетти түзүү жөнүндөгү бул демилге Хафтардын демилгесин четке кагуу саналабы?» деген суроого анык жооп берген эмес. Бирок, Жогорку сот кеңеши Хафтардын сунушун кабыл албаганы жана бул сунушту ачык четке какканын жарыялабаганы көрүнүп турат. Тескерисинче, кеңеш тараптарды жараштыруу үчүн комитет түзүлгөнүн жарыялады. Бул болсо, Хафтар сот бийлигинин колдоосуна жетишпегенин түшүндүрөт.

6 – Американын позициясына келсек, Хафтар жасаган иштердин артында Америка позициясы тургандыгы жана Америка Хафтарды аракетке келтирип жатканы анык. Айрыкча, Хафтар Америка аны Чад камагынан алып чыгып, жыйырма жыл Виржиния штатында жашап Америкада

тарбияланганын да эсепке алуу керек. Мындан тышкары, Америка менен Хафтарды байланыштырган башка фактылар да да бар:

а) Америкалык жоопттуулар айткан сөздөрдүн тексти да, мазмуну да ушуну көрсөтүп турат:

– Бул окуялар чагында, Хафтар 2014-жылы 14-февралда аскерий аракеттерди башташы менен ушул аракеттерди 2014-жылы 16-майда кайра баштаганы ортосундагы убакытта Америка Ливияга АКШ мамлекеттик катчысынын орун басары Уильям Бернсти жиберди. Ал бул сапарында мындай деди: «Зомбулук менен бирге экстремизм күчөп бара жатканы Ливия үчүн о.э. эл аралык шериктер үчүн биринчи орундагы коркунуч». Ал мындай деп кошумчалады: «Тынчтык орнотуу Ливиянын ийгилиги үчүн маанилүү». Бернс «экстремисттердин зомбулугуна каршы турууда Америка жардамдары көбөйтүлүшүн» убада кылып мындай деди: «Кошмо Штаттар башка шериктер менен биргеликте армияны жана коопсуздук күчтөрүн машыгуудан өткөрүүнү улантат». («Рейтер», 2014-жыл, 24-апрель). Т.а. Америка Ливиядагы өкүмдарлыгын бекемдөө үчүн «экстремизм жана терроризмге каршы күрөш» картасын ишке салууда. Ошондуктан, Америка малайы Халифа Хафтар бул «картаны» андан алып ишке салды.

– Америка Хафтар менен алака орнотконун четке какпады. АКШ мамлекеттик департаментинин өкүлү Женнифер Псаки 2014-жылы 20-майда өткөрүлгөн басма сөз конференциясында мындай деди: «Биз Халифа Хафтар менен акыркы кездерде, үч аптадан ашуун убакыттан бери байланышпадык, биз Ливиядагы аракеттерди каралабайбыз да, колдоп-кубаттабайбыз да». Псаки Хафтардын аракеттерин аскерий төңкөрүш деп атоодон – андан ушул жөнүндө суралганда – баш тартты. Ал басма сөз конференциясында: «Мурунку элчи жакында Ливиядан кайтып келгенин, өзүнүн мамлекети Ливиядагы окуяларды акыркы эки күндө түздөн-түз күзөтүп турганын...», көрсөтүп өттү. Демек, Америка Хафтар менен алака орнотконун четке какпады, акыркы кездерде аны менен байланышпаганын гана билдирди.

Этибарды тарткан нерселердин бири ушул, «Хаят» 2014-жылы 24-майда жазышынча, Американын Ливиядагы элчиси Дебора Жонс мындай дейт: «Отставкадагы генерал Хафтар биздин көз карашыбызда тыюу салынган топторго каршы согуш алып барууда».

б) Кала берсе, Хафтар менен өткөрүлгөн интервьюлар Америка ага жардам берип, колдоп-кубаттап жатканын көрсөтүп турат.

«Вашингтон Пост» 2014-жылы 20-майда Хафтар менен өткөргөн интервьюда ал мындай деди: «Биз Ливиядагы террорчулук аракетин жок кылуу үчүн чабуулду баштадык, биз бул чабуулду туруктуу армиянын бардык бөлүктөрү менен биргеликте бир апта мурун баштадык, биз азыр ушул вазыйпа боюнча алга аракет кылып жатабыз, биз каршы туруу чечим экенини көрүүдөбүз, ал эми, Зинтан менен аракеттерди тартиптештирүү жөнүндөгү суроого келсек мен силерге: биз бир бүтүнбүз деп айтамын».

в) Америка күчтөрүнүн Сицилияга жайгаштырылышы тууралсындагы байма-бай айтылган кабарлар да Америка өз максатын т.а. Америка Ливиядагыларды коркууга салууну жана өзүнүн малайы Хафтарды моралдык жактан колдоого о.э. жардам берүүгө даяр экенин көрсөтүүнү көздөп жатканын түшүндүрөт.

– Пентагон өкүлү Жон Кирби Америка жарандарын жана Триполидеги Америка элчилигинин кызматкерлерин көчүрүүнү жүйөлөп 2014-жылы 20-май күнү Америка деңиз жөө күчтөрүнө таандык күчтөр Сицилия аралына жайгаштырылганын жарыялады.

– «Ортоңку Чыгыш» 2014-жылы 21-майда мындай кабар таратты: «Америка коргоо министрлигиндеги бир ири жооптуу кече Италиядагы учкучтар Ливиядагы тартипсиздиктер күчөп бара жатканына байланыштуу Триполидеги Америка элчилигинен америкалыктарды көчүрүүгө даяр турганын баса белгилеп, Пентагон жооптуулары кырдаалды «мүнөтмө мүнөт, саатма саат» күзөтүп турганын көрсөтүп өттү». Гезитте америкалык жооптуулардын ушул сөздөрү да көрсөтүлгөн: «Кошмо Штаттар Сицилияда

жайгаштырылган деңиз жөө күчтөрүнүн санын көбөйттү, бул аскерлер америкалыктарды алып чыгып кетүүгө чакырылышы мүмкүн... башка 60 деңиз жөө аскерлери жана «V-22 Osprey» тибиндеги башка төрт вертолёт да өздөрүнүн Испаниядагы базаларынан Сицилиядагы Сигонелла деңиз аскерий аба күчтөрүнүн базасына жиберилет. Ысымдарын ачыкка чыгарбоону сураган эки жооптуунун айтымында, муну менен Сицилияда этияттык жүзөсүнөн жайгаштырылган деңиз жөө күчтөрүнүн жалпы саны 250гө жетет жана алардын Ливияга жакын Италияда турушу тез жооп соккусун берүүдө жардам берет».

– «Франс Пресс» 2014-жылы 27-майда Америка жооптуусунун ушул сөздөрүн келтирди: «Америка аскерий кемеси бир нече күн ичинде Ливия жээктерине жетип барат, анын бортунда миң чакты деңиз жөө аскерлери бар, алар Триполидеги Америка элчилигинин кызматкерлерин көчүрүүгө катышат». Америка мамлекеттик департаменти Ливиядагы америкалык жарандардан бул мамлекеттен чыгууну талап кылып мындай деп билдирди: «АКШ мамлекеттик департаменти америкалык жарандарды Ливияга сапар кылуудан эскертет жана учурда бул мамлекетте турган америкалык жарандарга бул мамлекеттен тезинен чыгып кетүүнү сунуштайт». Департамент дагы мындай деп билдирди: «Ливиядагы коопсуздук кырдаалы акыбеттерин алдын ала айтуунун дале мүмкүнчүлүгү болбой жатат жана бул кырдаал туруксуз бойдон калууда». («Рейтер», 2014-жыл, 28-май).

7 – Ошентип, Америка Ливиядагы шайлоолорду Хафтардын аракети менен кечиктирүүгө умтулууда. Америка Малидеги тажрыйбасы ийгиликсиз чыккан болсо да, бул тажрыйбаны көчүрмөкчү. Америка Малидеги төңкөрүшкө 2012-жылы 22-мартта офицерлердин бири аркылуу башчылык кылды. Бул төңкөрүш белгиленген шайлоолордун убагынан бир айдай мурун жүз берди. Анткени, Америка бул шайлоолордо Францияга малай саясий элитанын жеңип чыгышынан коркту. Ошондуктан, Америка бул

шайлоолордун мындай кырдаалда өткөрүлбөшүн, төңкөрүш аркылуу кырдаалды өзгөрткөндөн кийин гана өткөрүлүшүн каалады. Бирок, Америка муну жүзөгө чыгара албады, тескерисинче, Франция төңкөрүш маселесин токтото алды жана төңкөрүштөн бир жарым жылдан аз убакыт өткөндөн кийин шайлоолорду өткөрдү. Бул шайлоолордун натыйжасында Франция жүгүртөктөрүнүн бири Абу Бакр Кита Малинин жаңы президенти болду жана анын ант берүү ырасымы 2013-жылы 19-сентябрда болуп өттү. Көрүнүп тургандай, Америка Ливияда Малидеги үлүшүнөн жакшыраак үлүшкө ээ болууну күтүүдө!

Кала берсе, Америка Сисийдин тажрыйбасын кайталоого да аракет жасады… Бирок, Мисрдеги абал менен Ливиядагы абалдын ортосунда айырма бар. Анткени, Сисий армия командачысы болуп, аскерий күч анын тарабында эле. Ал эми, Хафтардын күчү Ливиядагы башка ар кандай аскерий бөлүм сыяктуу бир аскерий бөлүмгө окшойт. Анын күчү ага көз каранды болгон күчтөр менен бир аз көбөйүшү мүмкүн, бирок, айырма чоң эмес. Демек, бул абал Сисий командачылыгы астындагы Миср армиясынын абалынан бүтүндөй айырмаланат. Ливиядагы куралдуу күчтөр Хафтар менен Улуттук Конгресстин ортосунда бөлүштүрүлгөн. Мисалы, «Саваик ва коъкоъ» Зинтан аскерий отряддары Хафтар кыймылына кошулганын жарыялаган болсо, «Мисурата» борбордук региондун коргоо отряддары Хафтарга каршы, Улуттук Конгресске жакын. Башка бөлүмдөр жана аскерий бөлүктөрдөн турган аскерий күчтөр да ушундай абалда десе болот. Алар түрдүү багытка ээ. Ошондон келип чыгып Хафтар Сисийге ээрчигени менен ага тең келе албайт деп айтуу мүмкүн. Себеби, аскерий абал түрдүүчө. Сисий армия командачысы болчу, андыктан, күч анын колунда эле. Ошондуктан, ал парламентти таркатып жиберди жана президент менен өкмөттү кулатты. Бирок, Ливиядагы Хафтар Америка жардамы менен козголоңго башчылык кылып жаткан бир отставкадагы аскерий гана. Ошондуктан, ал өкмөттү кулата албады, парламентти таркатып жибере албады, мамлекеттик

мекемелердин ишин токтото албады. Эгер, Маитик министрлер кеңешинин жыйынына келе турган болсо, аны камакка алуу жана башка нерселер менен коркуткан Хафтар бул жыйынга тоскоолдук кыла албады. «Мисурата» борбордук регионунун отрядына караштуу аскерий күчтөр аракетке келип, мыйзамдуулугу талаш туудурган премьер-министр Ахмад Маитиктин кеңсесин коргоого алды. О.э. алар мурунку премьер-министрдин администрациясына чабуул жасап, ал жерде сакталган бардык документтерди алышты. Андан кийин Ливия жаңы өкмөт башчысы Ахмад Маитик 2014-жылы 2-июнда борбор Триполидеги премьер-министрлик имаратына – «Мисурата» борбордук регионунун аскерий бөлүгүнүн күчөтүлгөн аскерий күчтөрүнүн коргоосу астында – кирди. Ал убактылуу өкмөт башчысы Абдуллах Санийден бийликти алышынан мурун өкмөт имаратына кирип барды жана Хафтардын коркутууларына маани берген жок! Ошондуктан, эгер шайлоолор белгиленген убагында өткөрүлсө, анда Америка малайлары бул шайлоолордо жеңип чыгышы ыктымалдан алыс. Ушул себептен улам, Американын «терроризмге каршы согуш» деген шылтоосу менен Хафтар жана башка малайлар жардамында тартипсиздиктерди чыгаруудан башка арга калбай жатат. Америка шайлоолорду токтотуу же аларды кечиктирүү максатында бул мамлекетте тартипсиздиктерди дагы да курчутуу үчүн белгилүү бир куралдуу исламий кыймылдарга каршы чабуулдарды ишке ашырышы мүмкүн. Ошондо Америка өзүнүн малайларын күчөтүү жана малайларды көбөйтүү аркылуу өз таасирин бекемдөө үчүн дагы бир ыңгайлуу учурга ээ болот. Ошондуктан, Америка муну ишке ашыруу үчүн өз малайы Хафтарды колдоп-кубаттоону улантышы күтүлөт. Эгер, Америка муну пайдасыз деп билсе, күткөн натыйжалары жүзөгө чыкпайт жана шайлоолор өткөрүлөт деп билсе, анда Америка Ливияда күчтүү таасирге ээ европалыктар менен белгилүү бир мазмунда келишүүгө аракет кылат.

8 – Бул айтылгандар аскерий күч жагынан сереп салуу болду. Башка тараптан болсо Ливиядагы кырдаал Мисрдеги кырдаалдан айырмаланат. Анткени, европалыктар, айрыкча, англистер Ливияда терең тамыр жайган. Алар бул мамлекетте экинчи дүйнөлүк согуштан тартып Каззофий кулаганга чейин таасир ээлери болуп келишти. Ошондуктан, англистер малайларды өстүрүп чыгаруу жана Франция жардамында, башка европалыктар жардамында о.э. бул региондо аларга малай режимдер жардамында иштер тизгинин өз чеңгелинде кармап туруу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ал эми, америкалыктар Мисрде 1952-жылы 23-июлдагы төңкөрүштөн бери Абдуннасир жана ага тарапкер офицерлер жардамында тамыр жайган. Ошондуктан, Америка Мисрде бүгүнкү күнгө чейин өкүмдар болуп келүүдө. Ошентип, бул эки мамлекеттеги абал бир-биринен айырмаланат. Европалыктардын таасири Ливиядагы саясий чөйрөдө күчтүү. Ошондуктан, Британиянын Франция, Германия, Италия жана башкалардын колдоп-кубаттоосу менен о.э. Катардагы жана Түндүк Африкадагы коңшулаш мамлекеттердеги малайларынын жардамында бул таасирди сактап калуу үчүн бар күчүн жумшоосу күтүлөт. Айрыкча, Ливия Европа коркуп жаткан «мыйзамсыз иммиграциянын» башталыш чекити болгондуктан Британия бул өлкөдө таасирин сактап калууга аракет кылат. Европа Ливияда таасир башка бирөөгө өтүп кетишинен кооптонууда. Ошондуктан, ал бул ишке болушунча бекем жабышат. Европаны негизги көпчүлүгүн Европа (Британия) малайлары түзгөн саясий чөйрө шыктандырууда. Америка муну жакшы түшүнөт. Америка Европанын, айрыкча Британиянын бул күчтүү аракетин жакшы түшүнөт. Ошондуктан, Америка Ливия маселесинде Европадан бүтүндөй үзүлбөстөн аракет кылууда. Америка аскерий операциялар жардамында туруксуздукту келтирип чыгаруу үчүн Хафтарды ишке салып жаткан учурда Ливияга маани берүүдө Европаны да шерик кылууда... Ошондуктан, Европа мамлекеттери Америка менен биргеликте 2014-жылы 23-майда Ливиядагы кырдаал жөнүндө билдирүүнү чыгарды. Бул туурасында «Рейтер» агенттиги

кабар таратты. Анда мындай делет: «Европа Союзу, Франция, Италия, Британия жана Кошмо Штаттар зомбулук токтобой жатканына абдан тынчсызданууда. Ошондуктан, бул мамлекеттер бардык тараптарды күч колдонбоого жана келишпестиктерди саясий жолдор менен чечүүгө чакырат». Билдирүүдө дагы мындай делген: «Бийликтин тынч жол менен колдон-колго өтүшүнө алып келе турган аракет кеңири чөйрөдөгү өз ара жарашуу жана бул аракетке зыян жеткире турган ар кандай аракеттерден алыс болуу негизине курулушу керек». «Рейтер» кошумча тарызде түшүндүрмө берип мындай деп жазды: «Батыш күчтөрү Хафтар башчылык кылып жаткан чабуул Ливия армиясынын бөлүнүп кетишине жана мамлекетте дагы да көбүрөөк тартипсиздиктерди жүзөгө келтиришине алып келеринен тынчсызданууда». Бул болсо Европа мамлекеттери Ливияда канчалык таасирге ээ экендигин көрсөтүп турат. Андай болбосо, Америка бул мамлекеттер менен биргеликте кошмо билдирүүнү чыгармак эмес.

9 – Ошентип, Америка жана анын жүгүртөк куралы Хафтар Ливиядагы Европа таасирин жок кылышы күтүлбөйт. Бирок, алар туруксуздуктарды жана тартипсиздиктерди чыгарышы, Европа саясий чөйрөсүнө, айрыкча Британия саясий чөйрөсүнө «Британиянын жеке өкүмдарлык доору алда качан бүттү жана Америка чоң таасирге ээ болушу керек» деген мазмунда ишарат жолдошу мүмкүн... Ушуну менен бирге, Европа менен Америка ортосундагы күрөш Ливиядагы жүгүртөк куралдар жардамында бул өлкөгө кирип келген соң, бул жалын ар кандай учурда алоолонушу мүмкүн. Анткени, колонизатор кафирлер мусулмандардын кыргын болушуна жана алардын каны дайра болуп агышына таптакыр маани беришпейт. Тескерисинче, алар абдан кубанат жана күчкө толушат. Батыш мамлекеттеринин максаты өз таасирин жаюу жана Ливия нефтиси алардын ач көздүгүнө себеп болууда. Бул колонизатор кафирлер кызыкчылыктар үстүндө бир-бири менен келише албаса да, бирок, алар Ислам жана мусулмандарга душмандык кылууда баары биригишет.

Ошентип, Ливия эл аралык күрөш иримине кирди. Бул мамлекеттер Ливияны өз ара таасир талашуу жана чоңураак олжого ээ болуу үстүндө күрөш майданына айлантты. Ошондуктан, тигил эл аралык аралашуу орун алгандыктан, бул өлкө калкы арасындагы аракетке башчылык кылып жаткан көпчүлүктө анык көз караш жок болгондуктан, абал тынчыбайт, кырдаал тартипке келбейт жана калк козголоңдон көздөгөн максаттарына жетише албайт. Бул өлкө калкы Батыштын, айрыкча, европалыктардын жүгүртөк малайы Каззофийге каршы козголоң көтөргөн. Каззофий бул өлкө калкынын зыянына европалыктардын кызыкчылыктарын жүзөгө чыгарып келди. Калк ушул малайга каршы козголоң көтөргөн эле. Андыктан, адамдар кантип дагы Батыш мамлекеттеринин тузагына түшүүсү жана бул Батыш күчтөрү ортосундагы күрөш куралдарына айланышы мүмкүн?!

10 – Ливияда болуп жаткан окуялардын корутундусу ушул, Британия жана анын артында турган Европа окуялардан озунуп кетүүгө жан үрөп аракет кылууда, ал азыркы кыйын абалдан чыгып кетүү үчүн заман менен мелдешүүдө. Муну мүмкүн болушунча жакын убакыт ичинде шайлоолорду өткөрүү аркылуу өкмөткө мыйзамдуу түс берип, анын таянычтарын бекемдөө аркылуу ишке ашырмакчы. Ошондо Европа дагы ошол эски саясий түзүмдү орното алат, бирок бул жолу өзүнүн малайларынан турган жаңы көрүнүштө орнотот. Натыйжада, Ливия анын таасиринен чыгып кете албайт. Ошондуктан, Европа шайлоолорду мүмкүн болушунча батыраак өткөрүүгө аракет кылды жана Ливия шайлоо комиссиясына 25-июнду Ливиядагы парламенттик шайлоолордун убагы деп белгилөөнү буйруду. Бул парламент – Ливия расмий маалымат агенттиктери айткандай – улам көп тартышууга себеп болуп жаткан Жалпы Улуттук Конгресстин ордун ээлейт.

Америка жана анын малайлары бул иштен кабар таап, ага тоскоолдук кылууга жана жаңы өкмөттүн түзүлүшүнө жол бербөөгө урунушту, бул жаңы өкмөт Ливия шайлоо комиссиясы 25-июнда өткөрүүнү белгилеген шайлоолорду уюштуруу үчүн азыркы баскычка жетекчилик кылат. Буга жол

бербөөдө Хафтар Американын куралы болду. Ошондуктан, Хафтар 2014-жылы 25-май күнү өзү командачылык кылып жаткан Ливия улуттук армиясынын расмий өкүлү уктурган билдирүүдө: «Жалпы Улуттук Конгресстин ар кандай жыйын өткөрүшү тыюу салууга жана камакка алууга бута болот», деп жарыялады. Армия да: «Конгресс кандай гана жайда жыйын өткөрбөсүн, бул мыйзамсыз иш эсептелет жана мыйзамдуу жоопкердикке тартылат», деп билдирди. 2014-жылы 24-май күнү армия: «Эгер парламент мүчөлөрү эртең жыйын өткөрмөкчү болушса мыйзамдуу тариздe камакка алынууга бута болушат», деп кошумчалады. Америка мунун артынан күрөш абалы сакталып калышын жана туруксуздук улана беришин максат кылууда. Анткени, мына ошондо Америка кийинчерээк мүмкүнчүлүк болсо өзүнүн малайларын Ливия саясий картасына жана Ливиядагы күчтүү саясий чөйрөгө тыгыштыруу мүмкүнчүлүгүнө, эч болбогондо, Ливияда Европага, айрыкча Британияга шерик болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Ошентип, Британия жана аны колдоп-кубаттап жаткан Европа Ливиядагы өз таасирин өздөрүнө малай болгон азыркы саясий чөйрөлөр жардамында шайлоолор өткөрүү аркылуу сактап калуу үчүн бар күчүн жумшоодо. Америка болсо азыркы саясий чөйрөнүн катарына – бул чөйрөнү өз пайдасына өзгөртүү үчүн, эч болбогондо, ага өзүнүн адамдарын жайгаштырып, андан кийин шайлоолор өткөрүлүшү үчүн – жылжып кирип алуу үчүн шайлоолорду кечиктирүүнү каалоодо. Америка Ливияда «жетиштүү» таасирге ээ болууну көздөп жатат.

11 – Акырында ушуну айтабыз, бир кездерде фатх-жеңиштердин жана бүткүл дүйнөгө адилет жана жакшылыкты жеткирген Исламды жаюунун башталыш чекити болгон мусулман өлкөлөрү колонизатор кафирлер бизди кыргын кылууда жана байлыктарыбызды талап-тоноп кетүүдө бир-бири менен мелдеше турган согуш майданына айланып калганы абдан өкүнүчтүү. Бул колонизатор кафирлер биздин ар бир тамчы каныбыз төгүлгөндө ооз толтуруп күлүшүүдө. Биздин каныбыз алардын гана колу менен эмес, аларга

малай болгон, өзүбүздүн арабыздан чыккан саткындардын колу менен да төгүлүүдө!

Колонизатор кафирлер – биздин душманыбыз, ошондуктан, алар бизди кыргын кылууда бар күчтөрүн жумшоосу таң калычтуу эмес. Бирок, Ливиядагы айрымдары Америкага, айрымдары болсо Европага малай болгон топтор бул кафирлер менен бир катарда турушу, кийин бири-бирине каршы согушка кириши, Ислам үчүн жана Аллахтын калимасын бийик кылуу үчүн эмес, колонизатор кафирлердин кызыкчылыктары үчүн бири-бирине каршы согушуна келсек, бул кабира күнөөлөрдөн эсептелет. Мусулмандар бир-бирин өлтүрүшү Исламда эң чоң кылмыш болуп саналат. Расулуллах с.а.в Муслим Абу Хурайрадан чыгарган хадисте мындай дейт:

**«Ар бир мусулмандын каны, малы жана намысы башка мусулманга арам».** Ибн Мажа Ибн Умардан чыгарган хадисте болсо Ибн Умар мындай дейт: Мен Расулуллах ага Каъбаны тооп кылып жатып мындай дегенин уктум:

«(Эй Каъба) **кандай гана жакшысың жана кандай гана жыпар жыттуусуң, кандай гана улуусуң жана сенин кол тийгистигиң да кандай гана улуу. Мухаммаддын жаны колунда болгон Затка ант болсун, момундун, анын малынын жана канынын кол тийгистиги Аллахтын назарында сенин кол тийгистигиңден улуу. О.э. момун жөнүндө жакшылыкты гана күмөн кылышыбыз да сенин кол тийгистигиңден улуу**». Насаий Абдуллах ибн Амрдан, ал болсо Набий с.а.в.дан риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз мындай дейт:

**«Аллахтын назарында дүйнөнүн кыйроого жүз тутуп жок болуп кетиши бир мусулман кишинин өлтүрүлүшүнөн шексиз жеңилирээк».**

Ливия үчүнчү топтон, калыс, садик топтон куру жалак калган эмес. Бул садик топтун бүткүл аракети – жашоодо, мамлекетте жана коомдо Исламды өкүмдар кылып Ливияга жакшылык жана адилетти кайтаруу. Ошондуктан,

бул топ Европа жана Америка малайларына каршы туруп, аларды туура жолго кайтаруусуна, алар өз ара согушту токтотуп, баары биргеликте курал-жарактарын Ислам жана мусулмандардын душманына багытташына себеп болушуна үмүттөнөбүз. Ошондо, Аллахтын кудурети жана кубаты менен, Ливия бардык колонизатор кафирден жана бардык саткын малайдан тазаланат о.э. Ливия өзүнүн түпкү абалына кайтып дагы фатихтердин таяныч базасы, Куръани Карим хафиздери өлкөсү, Ислам менен корголгон, Исламды коргоочу исламий сепил болот.

***«Аллах Өз ишинде үстөмдүк кылуучу, бирок, адамдардын көпчүлүгү** (муну) **билишпейт»*** [12:21]

**3-июнь, 2014-м.**

## Ливия майданындагы акыркы саясий окуялар

**Суроо:**

*Ливиядагы окуялар жарайны көңүлдү өзүнө бурат. Себеби, аскерий операциялар барган сайын күчөп жаткан бир мезгилде Франция, Алжир, Мароккодо жана Ливиянын өзүндө да сүйлөшүүлөр жүрүп жатат. Муну кандай түшүнүүгө болот? Жүрүп жаткан бул бири-бирине карама-каршы эки жараян т.а. аскерий операциялар жана сүйлөшүүлөр Америка менен Европа ортосунда Ливиянын үстүнөн жүрүп жаткан күрөштүн натыйжасы деп айтсак болобу? Мисалы, Коопсуздук Кеңешинин токтому менен аскерий аралашуу күтүлүп жатабы? Же аскерий аралашуу ыктымалдан алыспы жана чечим табуу үчүн тараптар ортосунда сүйлөшүүлөр улана береби? Бул сүйлөшүүлөр өз ара күрөшүп жаткан тараптарды ыраазы кыла турган бирер чечимге алып барышы мүмкүнбү? Аллах сизге жакшылыкты тартууласын.*

**Жооп:**

Биринчиден: Ливияны экинчи дүйнөлүк согуштан бери, айрыкча Каззофий башкаруусу доорунда англистер башкарып келди. Себеби, Каззофий өзүнүн кырк жылдык башкаруусу доорунда Ливияны англистерге

малай саясатчыларга толтуруп таштады. Ошол кезде саясий чөйрө Америка малайларынан дээрлик бошоп калган эле. Ошондуктан, америкалыктар алдында өздөрүнүн таасирлерин Ливияга жаюу жана Европа таасирине сокку берүү, айрыкча, экинчи дүйнөлүк согуштан бүгүнкү күнгө чейин Ливиядагы башкаруу үстүнөн өкүмдар болуп келген англистер таасирине сокку берип Ливиядагы кырдаалды өзүнүн көзөмөлүнө алуу жана бийликтин үстүнөн өкүмдар болуп алуу мүмкүнчүлүгү қалбаган эле. Америкалыктар өздөрүнө малай болгон күчтөр Ливияда аракет кылышканга чейин буга жетишүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушпады. Ошондуктан, америкалыктар өздөрүнүн малайы Халифа Хафтарды жиберишти. Бул малай Америкада жыйырма жылдан көбүрөөк убакыт жашаган. Аны америкалыктар Ливияга Каззофийге каршы козголоң күчөгөндөн кийин жиберишти. Бул америкалыктар тарабынан Хафтарды козголоң жетекчиси жана анын таасир өткөрүүчү жетекчилеринин бири кылып көрсөтүүгө болгон бир аракет болду. Ушундай максатта америкалыктар аны аракетке келтиришти, натыйжада ал 2014-жылы 14-февралда жаңы режимге жана өкмөткө каршы көтөрүлүштү баштады о.э. экөөнү тең кулатууга аракет кыла баштады. Себеби, жаңы режим үстүнөн "башкы улуттук конгресс" деген аталыш менен англистер өкүмдар болуп алышкан эле. Ошондуктан, Хафтар аны кулатууга аракет кыла баштады. Бирок, ал бир нече жерлерди ээлеп алышына карабастан, буга жетише албады. Ошондон кийин америкалыктар 2014-жылы 25-июнда өткөрүлгөн жалпы шайлоолорду жокко чыгарууга өздөрүнүн малайы Хафтар аркылуу аракет кылышты, бул шайлоолор белгиленген убакта өткөрүлгөн эле... 2014-жылы 6-ноябрда Ливия Жогорку сотундагы конституциялык мекеме бир токтом чыгарды. Бул токтомдо «2014-жыл, 11-мартта чыккан жетинчи конституциялык өзгөртүү киргизүү боюнча өзгөртүү киргизилген конституциялык жарыядагы 30-берененин 11-бөлүмү жана бул өзгөртүү киргизүүдөн келип чыгуучу бардык белгилер конституцияга туура келбейт» деп көрсөтүлгөн. Бул болсо, парламенттин жана андан келип чыккан бардык

мекемелердин таркатып жиберилишин түшүндүрөт эле. Бирок, Ливиядагы тараптар, кээ бир регионалдык жана эл аралык тараптар соттун бул чечимине кошулууну четке кагышты. Натыйжада Ливияда эки өкмөт жана эки парламент болуп калды. Бул эки партиянын бирөөсү Тобрукта жана бирөөсү Триполиде болуп калды. Тобруктагы өкмөт жана парламент кээ бир регионалдык жана эл аралык тараптар тарабынан тан алынууда:

– Хафтар Тобруктагы парламент жана өкмөт үстүнөн өкүмдар болуп алды, ал бул парламент жана өкмөттү көзүнө да илбеди. Натыйжада анын адамдары өкмөт башчы Абдуллах Санийге наразылык билдиришти. Себеби, Хафтар Бенгазиге Санийдин уруксатысыз сапар кылган эле! Хафтарга караштуу күчтөр 2015-жыл, 5-февралда премьер-министр Абдуллах Саний учуп жаткан самолёттун Бенгазиге конушуна да каршылык кылды! Белгилүү болгондой, Хафтар менен Саний ортосунда келишпестиктер бар. Мисалы, «afrigatenews» баракчасы 2015-жыл, 5-февралда кээ бир ливиялык жооптуулардын төмөнкү сөздөрүн келтирди: «Өкмөт башчы Абдуллах Саний менен – ал да аскерий жетекчи болуп, ал мурда коргоо министри болуп турган – «шараф операциясы»нын командачысы бригада генералы Хафтар ортосундагы келишпестиктер экөөнүн ортосундагы алакаларда өткөн жылы пайда болгон кескиндикке чек коюу үчүн эки тарап ортосунда акыркы кездерде болгон ортомчулук аракеттерге карабастан, дээрлик тунгуюкка кептелип калды. Экөөнүн ортосундагы мына ушул кескиндик Хафтар кылып жаткан иштерди Абдуллах Саний бир аскерий төңкөрүш деп эсептегенден кийин пайда болгон эле». Бул нерсе Хафтар 2014-жылы 14-февралда аракетке киришкен убакта болгон эле, Саний сөзүнөн кайтып, Хафтардын 2014-жыл 16-майда кайрадан баштаган экинчи аракетин колдоп-кубаттап, аны «керемет (шараф) операциясы» деп атаган болсо да, бирок, Хафтардын көңүлү Санийге карата жек көрүүдөн тазаланган жок! Себеби, Хафтар президент болуу үмүтүндө Американын уктурушу менен Сисинин сызыгы бойлоп аракет кылып жатат!

Ал Ливия армиясынын генерал даражасындагы башкы командачысы катары өзүнө таянууга парламентти мажбурлай алды, ошондон кийин ал 2015-жыл, 9-мартта расмий түрдө ант берди. Бригада генералы Абдурраззак Назурий Хафтарга ыктагандыгы үчүн башкы штабдын башчысы болуп дайындалды. Демек, Тобрук өкмөтү үстүнөн Америка кожоюндук кылууда...

– Башкы конгресс жана Триполи өкмөтү жөнүндө айтсак, бул өкмөт башчысы Абу Сахмин жана анын айланасындагы топ Европа, айрыкча, англистердин этегин кармап кетүүдө. Бул топ менен бирге конгрессте англистерден алыс туруучу мусулман жетекчилер да бар. Бирок, аларда саясий аң-сезим жетиштүү эмес, бул болсо, Европа адамдарынын бул мусулман жетекчилерди өздөрү каалаган тарапка оодуруп алышын жеңилдетип коюуда! Мунун менен болсо, демек башкы конгресс жана Триполи өкмөтү үстүнөн Европа т.а. англистер кожоюндук кылууда, Франция жана Италия да кандайдыр даражада кожоюндук кылууда...

Муну менен болсо, демек Ливияда Европа менен Америка ортосунда күрөш бар, бирок, бул колонизаторлор көпчүлүк абалдарда жергиликтүү жүгүртөк куралдары жардамында өз ара күрөшүшөт! Мындан бир аз мурда бул күрөштү жана анын кандай пайда болгонун 2014-жылы 3-июндагы Жоопубузда анык баян кылган элек. Бул жооп фейсбуук баракчасында жарыя кылынган, ким кошумча маалымат алмакчы болсо ага кайрылсын.

Экинчиден: Аскерий аралашуу жөнүндө айта турган болсок, Америка Ливияда өзүнө малай болгон саясий чөйрөгө муктаж. Себеби, ал жердеги саясий чөйрөнүн көпчүлүгү англистер малайларынан турат, алардын айланасындагылардан жана алардын көлөкөсү астында аракет кылып жаткан кээ бир исламий кыймылдардан турат. Бул исламий кыймылдар саясий оюндарды жана бул оюндардын жаман натыйжаларын аң-сезимдүү түрдө түшүнүшпөйт... Ошондуктан, демек Америка аскерий операцияларга таянып жатат, ошол себептен да Хафтар пайда болду, ал Миср тарабынан колдоп-кубатталат, Обаманын конгресстен бир нече абалдарда аскерий

операцияларды ишке ашыруу укугун берүүнү талап кылгандыгын эсепке алсак – бул талап Ливия маселеси ушул укуктагы нерселердин бири болушун ыктымалдан узак кылып койбойт – демек, Ливиядагы кырдаал оор. Мисалы, Рейтер агенттигинин 2015-жыл, 23-февралда жазышынча, Обама конгресске кайрылуу жолдоп, мындай деген: «Ливиядагы кырдаал Кошмо Штаттар коопсуздугуна жана тышкы саясатына дагы деле өзгөчө коркунуч туудуруп жатат». Америка президентинин конгресске жолдогон бул кайрылуусунан Американын Ливияда оор же кооптуу кырдаалга түшүп калганы түшүнүлүүдө. Т.а. Американын Ливиядагы деңгээли күчтүү эмес, анын ал жердеги малайлары күчтүү эмес, алар Хафтар аракетиндегилерден гана турат. Алар борбор Триполиден кууп чыгарылды, бир нече ай өткөнүнө карабастан, алар Триполиге кайрадан кире алышпады, Бенгази үстүнөн да көзөмөл орното алышпады. Демек, аскерий аралашуу Америка кызыкчылыктарына кызмат кылат жана анын малайларын – бул малайлар Америкага кызмат кылууну улантышы үчүн – куткарат. Ушундан келип чыгып айтуу мүмкүн болгон нерсе, мына ушундай шарттарда кыбтылар (копттор) өлтүрүлгөн кезде Миср мындан пайдаланып калууга аракет кылып, Ливияга «терроризмге каршы күрөш» жана өлтүрүлгөн жарандары үчүн өч алуу деген шылтоо менен аралашуу үчүн эл аралык укук алууга шашылыш аракеттенди. Мисрдин 2015-жыл, 16-февралдагы аскерий аралашуусу Хафтарды жана аны ээрчигендерди жаңыдан рухтандырды, алар дагы күчтүү дем ала башташты жана алардын саясий чечим горизонттору тарый баштады. Бирок, Европа бул кризисте аскерий аралашууга катуу каршылык көрсөттү. Себеби, Британия Мисрдин Ливиядагы аскерий аралашуусуна дароо каршы турду. Себеби, «Алжир менен Британия 19-февраль күнү Ливия жаатында аскерий чечимди эмес, саясий чечимди колдоп-кубаттай тургандыктарын баса белгиледи. Бул позиция эки мамлекеттин тышкы иштер министрлеринин борбор Алжирде берген ортоктош баянатында билдирилди. Британиянын тышкы иштер министри Филип Хаммонд өзүнүн Алжирлик

кесиптеши Рамтан Ламамра менен бирге өткөргөн маалымат жыйынында: «Биз аскерий операция Ливиядагы проблеманын чечимине алып барышы мүмкүн деп билбейбиз», - деди. Алжир министри да өз кезегинде мындай деп комментарий берди «Биз Ливия кошунасы катары проблеманын эмес, чечимдин бир бөлүгү болууга умтулуп жатабыз». (Русиял Явм 2015-жыл, 19-февраль)».

Коопсуздук Кеңешинде аскерий аралашууга же Тобрук өкмөтүн жана Хафтар армиясын куралдантууга каршы чыккандардын башында Британия турду. Ливиянын БУУдагы өкүлү Иброхим Дибоший «Жакынкы Чыгыш» газетасына интервью берип, мындай деди: «Коопсуздук Кеңешинин кээ бир мүчөлөрү Британия башчылыгында эксперттер тобунан Ливия армиясын куралдантууга каршы киргизилген эмбаргону алып таштоо келишимине ыраазылык берүүгө каршы чыгууларын актоо үчүн бир кайрылуу жолдоону талап кылышты». Ал буга «Бул нерсе өздөрүн ыңгайсыз абалдан чыгарууга болгон бир аракет» деп түшүндүрмө берди. Ал дагы мындай деди: «Британия Ливия армиясынын террорчулар жана борбор Триполи үстүнөн көзөмөл орноткон куралдуу топтор менен болгон ишти өз пайдасына биротоло чечишин каалабай жатат... Бул ачык оюн». (Жакынкы Чыгыш 2015-жыл, 7-март). Европа Мисрдин аскерий аралашуусуна каршы чыкан Британиянын позициясына кошулду, ал тургай, Италия да Европанын аскерий аралашууга каршы кампаниясы натыйжасында өзүнүн мурунку билдирүүсүнөн кайтты, анын ички иштер министри Анжелино Альфано Американы ыраазы кылуу үчүн «БУУ башчылыгындагы бир операция аркылуу шашылыш аралашууга» чакырган эле (Хаят 2015-жыл, 17-февраль). Тунистин тышкы иштер министри Тоййиб Бакуш жана анын италиялык кесиптеши Паоло Жентилони "Ливиядагы кризисти – өз ара күрөшүп жаткан куралдуу топтор ортосундагы «келишим» аркылуу чечүү зарыл" деп билдиришти, экөө тең «абзел чечим аскерий чечим эмес, тескерисинче, саясий чечим» деп баса белгилешти. Тунистин тышкы иштер министри Тоййиб Бакуш Туниске келген италиялык

кесиптеши Паоло Жентилони менен бирге өткөргөн маалымат жыйынында «биз абзел чечим аскерий чечим эмес, тескерисинче, саясий чечим экендигине келишип алдык» деп билдирди. (france24.com 2015-жыл, 25-февраль)...

Аскерий аралашууга каршы Европа тарабынан кылынган бул катуу чабуулга кошумча түрдө Европа «Ливия Европа үчүн бир маанилүү борбор» деген ишараларды да жолдоду. Бул болсо, эгерде Америка аралаша турган болсо Европа да шашылыш аралаша тургандыгын түшүндүрөт эле. «Русиял Явм» телеканалы 2015-жыл, 6-мартта Могерининин – ал Европа Союзунун тышкы иштер министрлеринин Рига шаарында өткөрүлгөн жыйынына келгенден кийин – айткан төмөнкү сөздөрүн келтирди: «Бул жыйында талкууланган негизги маселе Ливиядагы кырдаал болду». Ал “Ливия коопсуздугу анын түштүгүндөгү мамлекеттер үчүн эле эмес, бүтүндөй Европа Союзу үчүн да бир маанилүү маселе” экендигин баса белгиледи... Табигый түрдө бул Америка аралашуусунун – эгерде ал жүз бере турган болсо – ийгиликтүү болушун бузуп коёт... Мына ушул эки иш себептүү Америка аскерий чечимди колдоп-кубаттоо позициясынан чегинди, ошондон кийин Миср да Ливия менен биргеликте 2015-жыл, 18-февралда Коопсуздук Кеңешинде сунуштаган токтом долбоорунан баш тартты, бул долбоордон эл аралык аскерий аралашуу орун алган эле. Ошентип, Коопсуздук Кеңешинде кеңешүүлөр 2015-жыл, 27-мартка чейин кабыл алуу жана четке кагуу ортосунда турду. 2015-жыл, 27-мартта Коопсуздук Кеңешинин «2214» номерлүү токтому чыкты, анда аскерий аралашуу жөнүндө текст жок эле. Тескерисинче, Коопсуздук Кеңеши негизги басымды «терроризмге каршы күрөшкө» жасап, Американы ыраазы кылды, ошол эле убакта саясий чечимди пайда кылуу үчүн сүйлөшүүлөр жүргүзүү зарылдыгын баса белгилеп Европаны да ыраазы кылды.Мына ушул токтомдо ушул эки иш жөнүндө келген беренелердин кээ бирлери төмөнкүлөр:

(1 – Коопсуздук Кеңеши бардык террорчулук операцияларын катуу каралайт... жана бул жаатта мына ушул операцияларга толук каршы күрөшүүнүн кеңири масштабдуу жолун кармануу зарыл экендигин баса белгилейт.

3 – Коопсуздук Кеңеши мүчө мамлекеттерди БУУнун уставына жана эл аралык мыйзамга ылайык мына ушул террорчулук операциялардын натыйжасында эл аралык тынчтыкка жана коопсуздукка коркунуч туудуруп жаткан коркунучтарга бардык каражаттар менен каршы туруугa чакырат...

11 – Коопсуздук Кеңеши Ливия башынан өткөрүп жаткан кризистин тынч чечимин табууга тиешелүү нерселер жаатында Африка союзу, Араб Лигасы жана Ливияга кошуна мамлекеттер мойнуна алып жаткан ролдордун маанилүүлүгүн тан алат...

12 – Коопсуздук Кеңеши Ливия өкмөтү менен Ливиядагы зомбулукту четке кага турган бардык тараптар ортосундагы БУУ башчылыгындагы саясий диалогду колдоп-кубатташын билдирет...).

Ошентип, демек жогоруда айтылган нерселерди этибарга алуу менен аскерий аралашуудан баш тартылды жана негизги басым саясий сүйлөшүүлөргө жасала турган болду.

Үчүнчүдөн: Коопсуздук Кеңешинин токтомунда аскерий аралашуудан баш тартылгандан кийин Америка жана Европа бул кризистин саясий чечимин табуу үчүн сүйлөшүүлөр чечимине аракет кылуу токтомуна ыраазылык берди. Алардын ар бири өз ыкмасы боюнча чечим тапмакчы болуп жатат! Мисалы, Европа сүйлөшүүлөрдүн мүмкүн болушунча тезирээк бир саясий чечим натыйжасын беришин каалап жатат. Себеби, Ливиядагы саясий чөйрөнүн көпчүлүгү британияпарастар. Ошондуктан, бул саясий чөйрө башкара турган ар кандай чечим Британиянын пайдасына болот. Америка болсо сүйлөшүүлөргө ыраазылык берүүгө мажбур болду. Себеби, Америка Ливияда өзүнө малай болгон саясий чөйрө жоктугу себептүү өзү же Миср режими тарабынан боло турган аскерий аралашуу үчүн кирүүгө бир

тешик таба албады. Америка мындай саясий чөйрөгө муктаж болуп турат. Ошондуктан, демек Америка сүйлөшүүлөрдү токтотуу ыкмаларын ойлоп табууга жана мына ошондон кийин Хафтарга – ал Ливиянын бирер бөлүгүндө болсо да өз өкмөтүн пайда кылар деген үмүттө – мөөнөт берүүгө аракет кылат. Себеби, ошондо бир жаңы саясий чөйрө түзүлүп, бул саясий чөйрө Хафтарга – эгерде ал ишти өз пайдасына аскерий жол менен чечүүдөн алсыздык кылса – кийинчерээк боло турган ар кандай сүйлөшүүлөрдө жардам бере турган болот. Тобруктагы депутаттар жыйынынын көпчүлүк мүчөлөрү арасында эски саясий чөйрөнүн өкүлдөрү бар. Хафтардын алар менен алакасы жакшы эмес... Ошондуктан, Америка качан өзүн колдоп-кубаттай турган бир күчтүү саясий чөйрөнү түзүүгө кудуреттүү болмоюнча сүйлөшүүлөрдүн ар кандай натыйжаларына тоскоолдук кылууну каалайт т.а. Америка үчүн сүйлөшүүлөрдү мүмкүн болушунча токтотуу маанилүү. Ал тургай, сүйлөшүүлөр бирер чечимге жетишүүгө жакындап калган күндө да Америка бул сүйлөшүүлөрдү самолёттордон чабуул кылуу сыяктуу аскерий операциялар аркылуу, же Тобрук өкүлдөрүнүн кечиктирүүнү же мөөнөт берүүнү талап  кылышы аркылуу бузуп жиберет... Же экономикалык басым өткөрүү ыкмасын колдонуу аркылуу бузуп жиберет. Кудум ушул сыяктуу басым жакында Тобрук өкмөтү нефть улуттук компаниясынан нефтиден түшүп жаткан кирешелерди борбордук банкка өткөрбөстүктү талап  кылган кезде жүз берди (Миср Арабийя – Нью-Йорк Таймстан алынган, 2015-жыл, 6-апрел). «Нью-Йорк Таймс» газетасы өзүнүн электрондук сайтында басып чыккан отчётто жазышынча, бул токтом жаман наыйжалардан кабар берүүдө... Бул иштердин бардыгы сүйлөшүүлөрдүн натыйжалуу көрүнүштө уланышына терс таасирин тийгизет.

Европа Американын сүйлөшүүлөрдү жокко чыгарууга аракет кылып жатканын жакшы түшүнүп турат. Ошондуктан да, Европа Бернардино Леонду өзүнүн ишенимдүү өкүлү кылып тандады, ал түпкүлүгүндө Европанын өкүлү болуп, башка маселелерде БУУнун өкүлдөрүнөн

айырмаланат. Себеби, БУУнун өкүлдөрү адатта Америкага көз каранды болот. Буга БУУнун Йемендеги өкүлү Жамал ибн Умарга окшогон БУУнун башкы катчысынын өкүлдөрүн мисал кылып келтирүүгө болот.

Бернардино саясий чечимге жетишүү үчүн ыкчам аракет кыла баштады. Анын бүтүндөй камы 2015-жыл, март айынын аягында бүтүшү белгиленген милдетин өзүнүн биринчи өкүлдүк мөөнөтүндө ийгиликтүү аткаруу болду. Ошондон кийин анын мөөнөтү Коопсуздук Кеңешинин токтому менен 2015-жылдын сентябрына чейин узартылды. Леон Ливиядагы башкаруу кризисин чече турган чечимге жетишүү үчүн Ливия жана Женевада, кийинчерээк болсо Марокко жана Алжирде Ливия тараптары ортосунда болгон кызуу сүйлөшүүлөргө башчылык кыла турган болду. Ал бул кризисти өзүнүн биринчи өкүлдүк мөөнөтүндө чечүүгө шашылды. Сүйлөшүүлөр Женевада башталып Ливияга, кийинчерээк Марокко жана Алжирге көчүп өттү. Мына ошондон кийин дагы кайрадан Мароккодо өткөрүлө турган болду. Сүйлөшүүлөрдүн Мароккодо 2015-жыл, 12-мартта өткөрүлгөн айлампасында Тобрук парламентинин мүчөлөрү Ливия тараптары ортосунда саясий кеңешүүлөрдү баштоону кошумча кеңешүү үчүн дагы бир аптага т.а. 2015-жыл, 19-мартка чейин кечиктирүүнү талап кылышты. Тобрук парламентинин мүчөлөрүнүн бири Мухаммад Шариф мындай деди: «Биз бир апта мөөнөт берилишин каалайбыз, мына ошондон кийин топтор дагы кеңешүүлөргө кайтат, бул документтер алда качан эле үйрөнүп чыгылган». Ал кошумча кылып, «улуттук өкмөт, коопсуздук чаралары жана конституциялык комиссия жөнүндөгү сүйлөшүүлөр толук аяктай элек» деди. БУУнун өкүлдөрүнүн башчысы Бернардино Леон Батыш Триполидеги улуттук конгресс мүчөлөрү о.э. Тобрук парламентинин кээ бир мүчөлөрү менен жолугушту. Тобруктуктар ошол кечиктирүүнү катуу туруп талап кылышты, натыйжада Леон Ливия тараптары ортосунда Мароккодо өтө турган сүйлөшүүлөрдү улуттук өкмөт түзүүгө жана Ливияны кризистен алып чыгууга жетишүүнүн чечүүчү доору катары 2015-жыл, 19-мартка чейин

кечиктирүүгө ыраазылык берди. Леон бул кризистен мүмкүн болушунча тезирээк саясий чечим менен чыгуу маанилүү экендигине басым жасап «БУУ Ливиядагы бирден-бир чечим аскерий чечим эмес, саясий чечим деп билет» деди. Ал «Себеби Ливия алдында эч качан убакыт болбойт, ал жердеги кырдаал барган сайын чиелешип баруудa» деп баса белгиледи (Американын Sawa радиосу 2015-жыл, 13-февраль). 2015-жыл, 16-мартта Европа Союзунан сүйлөшүүлөрдүн жокко чыгышынын натыйжасынан эскерте турган бир ортоктош билдирүү да чыкты. Билдирүүдө төмөнкүлөр келген: «Бирер саясий келишимге жетишүүдөгү ийгиликсиздик Ливия бүтүндүгүн коркунучка дуушар кылат... Улуттук биримдик өкмөтүн түзүүү жана коопсуздук чаралары жөнүндө бир келишимге жетери менен Европа Союзу Ливияны колдоп-кубаттоону күчөтүүгө даяр болот» (Немис маалымат агенттиги (Deutsche Presse Agentur) 2015-жыл, 16-февраль). Бул болсо, Европанын сүйлөшүүлөрдүн уланышына канчалык маани берип жатканын көрсөтөт. Америка жана Хафтар болсо сүйлөшүүлөргө мынчалык маани бербей жатышат. Алар үчүн өздөрүнүн майданда утуштарга жетишүүсү маанилүү. Себеби, ошондо сүйлөшүүлөрдө өзүнчө бир тарап болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат жана өз талаптарын күч менен тыгыштыра алышат.

Ошондуктан да, Хафтар сүйлөшүүлөр жүрүп жаткан бир убакта өзүнүн аскерий операцияларын улантты, ал 2015-жыл, 17 мартта т.а. сүйлөшүүлөрдү кайрадан баштоо үчүн сунушталган мөөнөттөн эки күн мурда Франс Пресс агенттигине интервью берип: «Операциялар Бенгази шаарында эмдиги айдын жарымына жетпей аяктайт», - деди. Т.а. ал азыркы сүйлөшүүлөргө да, бирер чечимге жетишүүгө да, өкмөт түзүлүшүнө да маани бербей жатат, тескерисинче, өзүнүн аскерий операцияларын улантып жатат... Булардан – азыр эле айтып өткөнүбүздөй – анык көрүнүп тургандай, Европа сүйлөшүүлөрдүн ийгиликтүү болушуна маани берүүдө жана алардын жокко чыгышы натыйжасынан эскертүүдө. Америка болсо Хафтардын тилинде бул

сүйлөшүүлөргө кудум алар аны кызыктырбай турган бир иш сыяктуу маани бербей жатат! Бул болсо, сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүнө таасирин тийгизди. Себеби Мароккодогу сүйлөшүүлөр үчүн белгиленген мөөнөт 2015-жыл, 19-марттан 2015-жыл, 20-мартка кечиктирилди! 2015-жыл, 26 март күнү «Sky News Arabia» сайты төмөнкүлөрдү басып чыкты: «Ливиядагы диалог жүргүзүп жаткан тараптар Марокконун Схират туристтик курортунда бейшемби күнү кечинде сүйлөшүүлөрдүн үчүнчү айлампасын бүтүрүштү, эл аралык жактан тан алынган Тобрук парламентиндеги бир жооптуунун баса белгилешинче, сүйлөшүүлөрдү он күндөн кийин баштоого келишип алышты». Булардын бардыгынан, кечиктирип кийинкиге созуу анык көрүнүп турат! Ошого карабастан, сүйлөшүүлөр мына ошол он күндөн кийин да өткөрүлбөдү! Мына ошондон кийин Европа Союзу тынчсызданууусун билдирди, «Баввабатул Васат» сайты 2015-жыл, 10-апрелде «Европа Леонго жардамдашууда» деген темада төмөнкүлөрдү жарыя кылды: «Европа тышкы саясатынын жогорку өкүлү Федерика Могеринининин Брюсселдеги офиси жума күнү жарыя кылган билдирүүдө Ливиядагы диалог алдыдагы күндөр ичинде башталышын күтүп жатканын тымызын билдирди. Бирок, ал белгиленген анык бир мөөнөттү көрсөтпөдү, бул болсо, Леондун бир жерде айланчыктап турган милдетин жандантууга болгон анык бир аракетти көрсөтүп турат... Леонду ачык колдоп-кубаттоо мазмунунда Могерини өзү «Ливия сүйлөшүүлөрүн жокко чыгарууга аракет кылууну улантып жаткан кимселер» деп атаган кимселерди мунун натыйжасынан эскертти... Европа Союзу Ливия армиясынын батышта алдыга жылышы ал жерде жаңы күч балансын пайда кылышынан кооптонууда, бул жаңы баланс Европанын бул кризисти чечүүдөгү ролун «бир пайдасыз рол»го айландырып коёт». Булардын бардыгынан, Могерини Америкага, Хафтарга жана анын адамдарына ишара кылып жатканы анык көрүнүп турат...

Демек, жүрүп жаткан саясий сүйлөшүүлөр түрдүү кызыкчылыктарга жана максттарга ээ тараптар тарабынан ары-бери тарткыланууда.

Төртүнчүдөн: Бул сүйлөшүүлөрдөн күтүлүп жаткан нерсеге келсек, бул сүйлөшүүлөр убакытты өткөрүүдөгү бир оюндан башка нерсе эмес. Оюн майданындагы топту жакындан же алыстан аракетке келтирип жаткан мамлекеттер келишип алмайынча бул сүйлөшүүлөр башталып жана токтоону уланта берет. Себеби, бул мамлекеттерди – ырасында төгүлүп жаткан кандар мусулмандардын каны болгон соң жана мусибаттар мусулмандардын башына түшүп жаткан соң – убакыттын созулуп кетиши тынчсыздандырбайт. Себеби, колонизатор кафирлер момун жөнүндө убадага да, милдетке да бапаа кылышпайт. Ошондуктан, мусулмандардын ар кандай маселеси алардын чеңгелине түшсө аны «союп өлтүрүшөт» жана «терисин сыйрып» алышат. Себеби, алар Күчтүү, Азиз Зат:

﴿هُمُ الْعَدُوُّ فَاحْذَرْهُمْ قَاتَلَهُمُ اللَّهُ أَنَّى يُؤْفَكُونَ﴾

***«Алар душмандар. Демек, алардан этият болгун! Аларды Аллах наалаттайт! Алар кандай адашууда ээ!»*** [63:4] деп айткандай, душмандар болуп эсептелишет. Ливия маселеси колонизатор кафирлер жана алардын малайлары чеңгелинде кала берген соң, бул кризис эл аралык оюнчулардын бири башкасынан үстөм келгенге чейин т.а. Америка же Европа үстөм болгонго чейин, же экөөнүн биринин колу бийик келип, өзүнүн көз карашын экинчисине зордоп тыгыштырганга чейин, же эки жырткыч бирер чечимге келишип алганга чейин улана берет. Бул эки колонизатор жырткыч келишип ала турган бул чечимде Американын олжодон ала турган үлүшү жок эле дегенде Европанын үлүшүнө барабар болот! Ошондуктан, Ливия жана анын калкына бул кафир залимдерден эч бир жакшылык жок.

Мусулмандардын маселелери алардын душмандарынын колунда эмес, мусулмандардын өздөрүнүн колунда чечилет. Бул чечим Аллах жетиштирген адамдар үчүн өтө оңой, анын куралы жашыруун жана ашкере абалда калыс Аллах үчүн амал кылуу, сөз жана иште Расулуллах с.а.в.га ишенимдүү болуу, ошондо тиги сүйлөшүүчүлөр өздөрүнүн каршысында рошид халифа Умар ибн Хаттаб р.а доорундагы исламий фатхтан баштап исламий өлкөгө

айланган байыркы исламий өлкөнү көрүшөт. Бул өлкө калкынын бардыгы мусулмандар, анын маселелеринин чечими Аллах Субханаху ва Тааланын Китебинде о.э. Расулуллах ага Сүннөтүндө бар, бул маселелердин колонизатор кафирлерге эч кандай алакасы жок.

﴿وَلَنْ يَجْعَلَ اللَّهُ لِلْكَافِرِينَ عَلَى الْمُؤْمِنِينَ سَبِيلًا﴾

***«Аллах эч качан кафирлер үчүн момундар үстүнө жол бербейт»*** [4:141]

Үммөттө аң-сезимдүү, такыбаа муфаккирлер көп, ошондуктан аларга кайрылгыла, Аллахтын душмандарына кайрылбагыла.

﴿وَلَا تَرْكَنُوا إِلَى الَّذِينَ ظَلَمُوا فَتَمَسَّكُمُ النَّارُ وَمَا لَكُمْ مِنْ دُونِ اللَّهِ مِنْ أَوْلِيَاءَ ثُمَّ لَا تُنْصَرُونَ﴾

***«Зулумдук жолун туткан кимселерге берилип кетпегиле*** *(ээрчибегиле)****. Антпесе силерге тозок оту жетет. Силер үчүн Аллахтан башка бирер дос жок. Кийин*** *(т.а. залимдерди ээрчисеңер)* ***силерге жардам берилбейт»*** [11:113]

Сөзүмдү мурдагы жоопто айткан сөздөрүм менен аяктамакчымын: Бир кезде фатх-жеңиштердин жана бүт дүйнөгө адилеттүүлүк жана жакшылыкты тартуулоочу Исламды жаюунун башталыш чекити болгон мусулмандар өлкөлөрүнүн колонизатор кафирлер бизди кыргын кылуу жана байлыктарыбызды талап-тоноп кетүүдө бири-бири менен атаандаша турган согуш майданына айланып калганы өтө аянычтуу. Бул колонизатор кафирлер бизден ар бир тамчы кан аккан кезде оозун толтуруп күлүп жатышат. Биздин кандарыбыз алардын колу менен эле эмес, аларга малай болгон, өзүбүздүн арабыздан чыккан чыккынчылар колу менен да төгүлүүдө!

Колонизатор кафирлер биздин душмандарыбыз, ошондуктан, алардын бизди кыргын кылууда бар болгон күчтөрүн жумшоосуна таң калбайбыз. Ал эми Ливиядагы кээ бирлери Американын, кээ бирлери болсо Европанын малай болгон бөлүктөрдүн бул кафирлер менен бир катарда турушу,  андан соң бири-бири менен өз ара согушка кириши Ислам үчүн жана Аллахтын калимасын бийик кылуу үчүн эмес, тескерисинче, колонизатор кафирлер

кызыкчылыктары үчүн бири-бирине каршы ушундай согушуусуна келсек, бул эми чоң күнөөлөрдүн бири болуп эсептелет. Себеби, мусулмандардын бири-бирин өлтүрүшү Исламда эң чоң кылмыш болуп эсептелет. Муслим Абу Хурайрадан чыгарган хадисте Расулуллах с.а.в:

«كُلُّ الْمُسْلِمِ عَلَى الْمُسْلِمِ حَرَامٌ، دَمُهُ، وَمَالُهُ، وَعِرْضُهُ»

**«Ар бир мусулмандын каны, малы жана ар-намысы башка бир мусулманга арам»**, - деген**.**

Насаий Абдуллах ибн Амрдан, ал болсо Набий с.а.в.дан риваят кылган хадисте болсо Пайгамбарыбыз:

«لَزَوَالُ الدُّنْيَا أَهْوَنُ عِنْدَ اللهِ مِنْ قَتْلِ رَجُلٍ مُسْلِمٍ»

**«Албетте дүйнөнүн кыйроого жүздөнүп жок болуп кетиши, Аллахтын алдында бир мусулмандын өлтүрүлүшүнөн жеңилирээк»,** - деген**.**

Аягында айтаарыбыз, Ливия үчүнчү топтон т.а. калыс, ишенимдүү топтон куру эмес. Бул ишенимдүү топтун бүтүндөй кайгысы турмуш, мамлекет жана коомдо Исламды өкүмдар кылып, Ливияга жакшылык жана адилеттүүлүктү кайтаруу. Ошондуктан, биз бул топтун Европа жана Америка малайларына каршы туруп аларды туура жолго кайтышына, алардын ортосундагы согушту токтотуп курал-жарактарын баары биргеликте Ислам жана мусулмандар душмандарына каратышына себепкер болуудан үмүткөрбүз. Себеби, ошондо Ливия бардык колонизатор кафирден жана бардык чыккынчы малайдан тазаланат о.э. Ливия өзүнүн түпкү абалына кайтып дагы кайрадан фатихтердин таяныч базасы, Курани Карим хафиздери өлкөсү, Ислам менен корголгон, Исламды коргоочу бир исламий чеп болуп калат. Бул Аллахтын кудурети жана кубаты менен ушундай болот.

***«Аллах Өз ишинде үстөмдүк кылуучу, бирок, адамдардын көпчүлүгү** *(муну)* **билишпейт»*** [12:21]

**22-жумадус-саний, 1436-х.**

**11-апрель, 2015-м.**

## Ливия кризисиндеги акыркы окуялар

**Суроо:**

*2015-жылы 17-декабрда кол коюлган Схират келишими негизинде Ливия өкмөтү түзүлө тургандыгы жарыяланды. Бул келишимден мурун да көптөгөн келишимдер болгон эле. Мисалы, 2015-жылы 5-декабрда Табрук парламенти жана Триполи конгрессинин бир нече мүчөлөрү Унисте жолугушту. Жолугушуу учурунда «Ливия кризисине тиешелүү принциптерди жана улуттук келишүүнү жарыя кылууга» келишип алынды. 2015-жыл, 13-декабрда болсо Рим конференциясын өткөрүүгө чакырды жана анда Ливия кризиси темасы талкууланды ... Белгилүү болгондой, өкмөттүн түзүлүшүнө алып барган Схират келишиминин айланасында эл аралык күрөш бар, ушундай шартта жарыя кылынган бул өкмөт көпкө тура алабы жана Ливияда туруктуулук пайда болобу? Мындан тышкары, Ливияда аскерий аралашуу туурасындагы сөздөр пайда боло баштады. Ушул өкмөт аскерий аралашууну тосо алабы, же бул аскерий аралашууну тездетүү үчүн болгон алгачкы кадамбы? Аллах сизге жакшылыкты тартууласын.*

**Жооп:**

Бул маселе түшүнүктүү болушу үчүн төмөнкү маселелерди карап чыгуу керек

1. Ливия боюнча мурда чыгарган жоопторубуздагы эки ишке кайрылабыз:

Биринчи, Америка Табрук парламентине Хафтар аркылуу көзөмөл кылат. Европа болсо, айрыкча, Британия Триполи конгрессине мурунку саясий чөйрө аркылуу көзөмөл кылат. Бирок, ошону менен бирге эле, Америка да, Британия да, экөө тең бири-бири тарабындагылардан үлүшкө ээ. Мисалы, Британия Америкага караштуу Табрук парламентинде да, Триполи конгрессинде да арстан үлүшкө ээ. Ал эми Америка Ливия саясий чөйрөсүнө Британия малайы Каддафиден кийин гана кире алды. 2015-жылы 11-апрелде чыккан суроо-жоопто минтип келген. «Хафтар Табрук парламентиндеги

көпчүлүк менен тил табышып кетиши кыйын. Анткени, парламентте мурунку саясий чөйрөдөн калгандар да бар. Ошондуктан, Америка өзү каалагандай саясий чөйрө пайда кылып алганга чейин сүйлөшүүлөргө тоскоолдук жаратууну каалап жатат. Т.а. мүмкүн болушунча сүйлөшүүлөргө тоскоолдук кылат». Табрук парламентин Хафтар жетектегенине карабастан, анда Европанын үлүшү бар. Ошондой эле Америка азыркыга чейин күчтүү таасирге ээ боло албаганына карабастан, башка тараптан кадам коюушу ыктымалы да бар. 2015-жылы 23-сентябрда чыккан суроо-жоопто мындай деп келген «Кээ бир кабарларга караганда, конрессмендердин айрым мүчөлөрү өз ара түшүнүшүүлөргө жетишиш үчүн, Американын айрым бир жооптуулары менен жолугушууга ыктоолоору бар». Мурун Триполи өкмөт башчысы Халифа аль-Говиил иш кызыган мезгилде америкалык жооптууну кабыл алган эле. Триполи  өкмөтүнө караштуу (Аль-Хаят) маалымат булагы: «Биринчи күнү кечинде Говиил Америка башкаруу фондунун директорунун орун басары Уилям Белмуур менен көптөгөн келишимдерге кол койгондугун маалымдады. Өз ара түшүнүшүүлөр буларды өз ичине камтыды», – деп кабар таркатты. Саламаттыкты сактоо, коргоо жана өнүктүрүү тармактарында жаңы жардамдашуу тармактарын жандандыруучу бул келишимди Триполи өкмөтүнө караштуу маалымат булактары «Америка менен болгон алакада маанилүү кадам» деп сыпаттады. (аль-Хаят 2015 09 22) Тактап айтканда, Табрук парламентине жана Триполи конгрессмендерине бир жактуу көзөмөл кылынбайт.

Экинчи, Ливия кризисин саясий чечимдер аркылуу чечүү үчүн болгон Америка менен Британия ортосундагы күрөштүн көрүнүшү. 2015-жылы 23-сентябрда чыккан суроо-жоопто мындай деп келген. «Ал эми Европа мүмкүн болушунча тезирээк сүйлөшүүлөр аркылуу саясий чечимдерге жетүүнү көздөөдө. Анткени, саясий чөйрөнүн басымдуу бөлүгү аны колдойт. Тактап айтканда, саясий чөйрө колдогон кандай гана чечим болбосун, ал анын пайдасына болот. А Америка аскерий кийлигишүү аркылуу таасирге ээ боло

албагандыктан, ал Ливия саясий чөйрөсүнүн колдоосуна мухтаж. Ошондуктан, ал сүйлөшүүлөргө макул болду. Бирок, сүйлөшүүлөрдү изинен чыгаруу ыкмаларын ишке салуу менен алектенет. Эгер сүйлөшүүлөр бир жыйынтыкка жетейин деп калса, аны аскерий иш-чаралар менен жокко чыгарып турат». Бул эки тараптын позициясынан даана байкалып турат. Европа тезинен сүйлөшүүлөр аркылуу саясий чечимге жетүү менен таасирин сактап калуу үчүн Схират келишимине жетишүүгө катуу умтулууда. БУУнун Ливиядагы европачыл өкүлү Бернардио Леон өз мөөнөтү бүтө электе негизги кадамдарды жасап калууга аракет кылды. Бирок Америка тарабындагы Табрук парламенти Хафтар жетекчилиги аркылуу келишимдердин ишке ашуусуна каршы позициясын жарыя кылды. 2015 09 20 Франция 24 сайты кабарлашынча, «мамлекеттер тарабынан тан алынган өлкөнүн чыгышындагы Табрук парламенти Мароккодогу Схират отелинде конгресмендер менен парламентчилердин ортосунда түзүлө турган келишимди тан албастыгын билдирип, парламентчилер отурумдан чыгым кетишти». Бирок ошого карабастан, Леон келишимдин корутунду текстин жарыя кылганга бекем турду. 2015 09 22 «жазира нет» сайты БУУнун Ливиядагы атайын өкүлү Бернардио Леон Схират отелинде Ливия сүйлөшүүлөрүндө эки тараптуу акыркы келишимге жетишилгенин жарыялады жана кол коюуга жетишүү үчүн БУУ эки тарапка октябрга чейин убакыт бергендигине ишаара кылды. Леон сүйлөшүүлөр бүткөндөн кийинки пресс конференцияда мындай деди: «Азыркы учурда Ливия кризисин чечүүчү эки тарапты камтыган акыркы келишимдин тексти биздин алдыбызда». Леондун сөзүнөн маалым болгондой, бул акыркы келишим болду. Тактап айтканда, алмаштыргыс келишим болду. Ошондой эле Леондун сөзүнөн, кандай каршылык болбосун, айрыкча, Хафтар тараптын каршылыгына карабастан, акыркы келишимдин аткарылуусун таңуулоо ачык эле байкалып турат. 2015 10 08 Мароккодогу жыйында Бернардио Леон пресс конференция өткөрдү жана анда түзүлүшү мүмкүн болгон бирдиктүү

өкмөттүн курамындагылардын аттары аталды. Бирок карама-каршылыктар уланды, бирдиктүү өкмөттү түзүү мөөнөтү 2015 17-декабрга белгиленди. Мына ушундайча Леон Европага ыктаган натыйжага жетишүү үчүн бар күчүн жумшады, Америка тарапкерлеринин каршылыктарына, айрыкча, Хафтардын каршылыгына көңүл бурбады. Ошондуктан Леон көтөрүп чыккан Европа көз карашындагы Схират келишими, өзгөчө, Британия көз карашы негизинде болду. Ошол үчүн Америка Леондун иш аракетин токтотууга токтом кылды жана ошондой болду.

2. Ал эми БУУнун Ливия боюнча жаңы дайындалган өкүлү Мартин Коблер, ал Германиялык болсо дагы, мурда БУУда Америка кызыкчылыгы үчүн кызмат кылган. Ал Америкага ыктайт. Ошон үчүн, ал өкүл болуп дайындалгандан баштап Схират келишимине кол коюлушунан мурда ага оңдоолорду киргизүүнү колго алды. Бернардио Леон мурдараак «алмаштыргыс акыркы келишим» деп атап, ага алгачкы кол коюулар болгонун жарыя кылганына карабастан, Мартин Коблер ага оңдоолорду киргизе баштады.

Бул оңдоолордун Хафтарга өтө чоң таасири бар. Леон көтөрүп чыккан Схират келишими негизинде Хафтар биротоло оюндан чыгарылмак жана анын Ливия аскерий расмийлигин да жокко чыкмак. Анткени Схират келишиминин 8-беренесинде «Бул келишимге жетишилгенден кийин, аскерий, жарандык жана коопсуздук кызмат мансаптарынын ыйгарым укуктары өкмөт башчынын ыйгарым уктарына өтөт. Кеңеш 20 күн ичинде бул мансаптарга тийиштүү токтомдорду кабыл алып, дайындоолорду ишке ашырышы керек. Эгер бул мөөнөттүн ичинде токтомдор кабыл алынбаса, кеңеш 30 күн ичинде, Ливия мыйзамына ылайык кайрадан жаңы токтом жана дайындоолорду ишке ашырышы керек». Бирок оңдоолор киргизилгенден кийин, бул беренин калышына карабастан, Хафтар дагы эле оюнчу бойдон калды жана андан кутулуу оңдоо киргизиле электегиге караганда оор болуп калды.

3. 2015-жылы 5-декабрда Тунисте эларалык коомчулук тарабынан тан алынган Табрук парламентинин мүчөлөрү менен тан алынбаган Триполи конгерессии мүчөлөрүнүн ортосунда жоолугушуу болду.

4. Бирок Коблер Схират келишиминин токтомдорун ишке ашырууга ынтызар болду. Тунис жолугушуусуна көңүл бурбады. Бул Коблердин Схират жолугушуусун үзгүлтүккө учуратып, Хафтар менен жолугушууга кетип калгандыгын ачыктап берет. 2015-жылы 17-декабрда «аль-Хаят» гезити мындай кабар таркатты: «Кечээ Коблер Хафтар менен сүйлөшүүлөрдү өткөрүү үчүн кетти. Акыркы маалыматтарга ылайык, Хафтар Схират келишиминдеги коопсуздук тартибаттарына канааттанган. Хафтардын маалымат булактарынын билдирүүлөрүнө караганда, Коблер Хафтарга – келечекте түзулө турган өкмөттүн курамындагы – армияны рефомалай турган комитет мүчөлөрүнүн ысымдарын сунуштаган. Хафтар мындан кийин «Акыркы сүйлөшүүлөрдү колдоп-кубаттайбыз» деп билдирүү берди. Коблер да бир тараптан тастыктап, Хафтар менен жемиштүү суйлөшүү болгондугун айтты». Буларга карабастан, Америка дагы башка кошумчаларды каалады! 2016 2-январда «Арабий 21» сайты минтип кабарлады: «бирдиктүү өкмөттүн эки вице-премьерлери Али Кутроний жана Фатхий Мажбурийлер эгер Хафтар аскер башчылыгында калбаса өкмөт курамынан чыгып кетүүлөрү менен коркутушту».

Ушундай карама-каршылыктарга карабастан, бул эки бийлик мүчөлөрү 2015-жылы 17 -декабрда Марокконун Схират отелинде келишимге кол коюушту. Бирок, Табрук парламентинин 188 мүчөсүнүн ичинен 80и гана жана Триполи конгрессинин 136 мүчөсүнүн 50сү гана келишимге кол коюуга катышты. Келишим Табрук парламент башчысынын орун басары Ахмад Шуайб тарабынан жана Триполи конгресс башчысынын экинчи орун басары Солаху Махзуум тарабынан бекитилди. Тактап айтканда, ондоолор Европа тарапкерлерин ачууландырды, ал эми Америка тарапкерлерин толук ыраазы кылбады. Ошондуктан, эки тарап тең кайра кайтарууну өз ичине сактап

калышты. Саясий ишке эми аскерий аралашуу да кошула турган болду. Анткени, саясий иш эки тарапты толук канааттандыра турган келишимге алып келбеди. Бул келишимге парламент жана конгресс башчылары Акиилату Соолих жана Нурий Абу Сухайминдер ыраазы болушпады жана кол коюуга келишпеди!

5. Британия саясий чөйрөнүн басымдуу бөлүгү ал тарапта экенин билет. Ошондуктан Леон сунуштаган келишимдин негизиндеги кандай гана өкмөт келбесин, айырмасы жок, ал тарапта болушунан көңүлү ток. Ошондуктан, ал Схират келишиминдеги токтомдорду ишке ашыруу үчүн Леон мезгилинде катуу ынтызар болду. Кийин Коблер келди. Ондоолор жүз берди. Британия бул оңдоолор Америка тарабынан Коблерге карата басым астында болуп жатканын билди. Америкаөзү каалагандай көрүнүштө сүйлөшүүлөр болушу менен биргеликте, Хафтар жетектеген аскерий аралашуу кийлигишүү аркылуу жаңы саясий чөйрөнү жүзөгө келтирүүнү көздөдү. Британия болсо өзү эсепке албаган иштер жүз берип кетишинен мурун келишим токтомдорун ишке ашырууну эртелетүүнү эп көрдү. Келишимге ондоолор киргизилишине карабастан, ал Британия пайдасына калат. Мына ушинтип ал Схират келишимин ишке ашырууну эртелетүүгө урунду. Британия бул келишимдин токтомдору эл аралык коомчулук тарабынан кабыл алына турган болушу үчүн, 2259-резолюцияны Коргоо Кеңешине чейин көтөрдү. Британияны шаштырып жаткан нерсе – бул ИШИМге каршы күрөшүү шылтоосу менен түздөн-түз аскерий аралашуу аркылуу Американын келишимдин токтомдорунун аткарылышына тоскоолдук жаратуусу; ошондой эле мурунку келишимдерди жокко чыгарып, сүйлөшүүлөрдү кайра баштоону жандантуу максатында 2015-жылы 13-декабрда өткөрүлгөн Рим конференциясы сыяктуу саясий иш-аракеттер аркылуу тоскоолдук жаратуусу; же малайы Хафтар аркылуу кыйыр түрдө тоскоолдук кылуусу. Ошондуктан, Америка өзү каалагандай саясий чөйрөнү

пайда кылып, анын жардамында саясий чечимге жетүү үчүн, Британия сунуштаган чечимди мүмкүн болушунча создуктурууга өттү.

Ушуга негизделип, Британиянын БУУдагы элчиси Мэттью Райкрофт жаңы өкмөткө макулдук бериши үчүн Коргоо Кеңешинин 15 мүчөсүнө токтомун сунуш кылды. Анда мындай делет: «Ливиянын мамлекетик бүтүндүгүн, тынчтыгын жана мамлекеттүүлүгүн сактоодо жаңы өкмөт күчтүү коомдук символ болот. Бул Ливия калкы үчүн келечекте өнүгүүгө карай бет алганынын башталышы гана. Ошондуктан биз токтом кылынган келишимге кол койбой койгондордун баардыгын улуттук биримдик жаңы өкмөтүн колдоого жана аны менен иштешүүгө чакырабыз». (аль-Жазира каналы 2015 12 24) Ал эми Америка болсо, Хафтар аркылуу тоскоолдук кылуу менен биргеликте, дүйнө коомчулугу алдында келишимдин талаптарына макул болууга аргасыз болду. Ошондой эле, чаташтыруу максатында Рим конференциясы сыяктуу саясий иштерди ишке салды. Бирок келишимдин токтомдору Коргоо Кеңешинде каралганда, Америка ага тоскоолдук кылуу шылтоосун таба албады. Анткени, ал мурда Ливия боюнча мамлекеттер аралык токтомдорго макул болгон. Аны сыртынан караганда жаңы өкмөт түзүү чечимине макул болгондой көрүнөт. Мисалы, АКШ ТИМ катчысы Жон Кирби мындай билдирүү берди: «Америка Ливия улутук биримдик өкмөтү толук кандуу түзүлүшү алкагында иш алып барат». Ошондой эле Америка тышкы иштер министри Керри мындай деди: «Вашингтон саясий, техникалык, экономикалык, коопсуздук тармактарын жана биргеликте тероризмге каршы күрөшүүнү колдоо менен, Ливияда толук кандуу бирдиктүү өкмөт түзүлүшүн лаазым тутат». Американын мындай дегени – эми ал ыраазы болуп, унчукпай калат дегени эмес. Ал күрөшүн улантат. Анткени, ал колонизатор мамлекет, ал ар дайым өз таасирин жайылуусу үчүн жана ага атаандаш мамлекетти кууп чыгуу үчүн аракет кылат. Ошол үчүн, акыркы келишимге жана Коргоо Кеңешинин токтомдоруна карабастан, 2015-жылы 24-декабрда, Хафтар

баштаган куралдуу күч – ИШИМ бар деген шылтоо менен – аймактарга чабуул койду. Хафтардын куралдуу күчү ылайыктуу учур табылары менен чабуулдарды уюуштурууда. Коргоо Кеңешинин аскерий аралашууга уруксат берген чечимин Британия токтотуп койгондон кийин, эми Америка Коргоо Кеңешинин чечимисиз эле түздөн-түз «ИШИМге каршы күрөш» шылтоосу менен, Ливияга аскерий аралашуусун баштады. Бул Американын Коргоо Кеңешинин чечимсиз эле Сирияга аскерий кийлигишүүсүн баштаганына окшойт.

6. Коблердин ишинде мүдүрүлүүлөр жүз берди, анткени ал эки тарапты тең ыраазы кылышы керек эле. Леондун учурундагы толук Европага ыктаган сыяктуу эмес, эки тарапты ыраазы кылы тургандай түр пайда кылды ал. Коблер айрыкча Леон даярдаган Схират келишимине ондоолорду киргизүү учурунда мүдурүлүүгө учурады. Европа ага ыраазы болбоду. Ливиянын Табруктагы кабар агенттиги билдиришинче, Триполи өкмөтүнө караштуу тышкы маалымат кызматынын жетекчиси Жамал Зайбата БУУнун Ливиядагы өкүлү Мартин Коблердин 2016 01 01 кечинде өткөрө турган пресс конференциясын үзгүлтүккө учуратты. Андан өлкөдөн тез арада чыгып кетүүсүн талап кылды жана аны «кызыктырбаган адам» деп сыпаттады. Коблер делегациясы менен кошо конференция залынан ачууланган боюнча чыгып, түз эле аэропортко бет алды жана өзүнө тийиштүү учак менен өлкөнү таштап учуп кетти. Ошондой эле, Коблерге Табруктагы жамаат дагы ыраазы эмес эле. Табрук палатасынын саясий кеңешчиси Ахмад Абууд Коблердин иш-аракетин сынга алып: «Коблердин тараптарды улуттук биримдик өкмөтү менен ыраазы кылуусу – учурдагы кырдаалга дал келбеген ойлонулбаган иш», – деди (аль-Годд арабий телеканалы 2016 01 06 ). мына ушундайча БУУнун Ливиядагы атайын өкүлү кысымдар астында калды. Мына ушундай күрөштөрдүн натыйжасында Коблер мүдүрүлдү.

7. Америка да, Европа да муну жакшы билет. Ушуга негизделип, ыңгайлуу шарт жаратуу максатында алар аскерий аралашууну пландады. Ал

эми Американын аскерий кийлигишүүсү айдан ачык эле. Тунис маалымат булагы 2016 01 08 «Африкада Америка аскерий жетекчилиги беш жылдан бери пландап келе жаткан Ливияга аскерий аралашуу ниетин расмий түрдө ачыктады. Бул иш-аракет Африкадагы жана Ливиядагы террористерди куугунтуктоону өз ичине камтыйт». Бул билдирүү Американын Африкадагы аскерий жетекчиси генерал Девид Родригес менен Америка деңиз пехотасынын жетекчиси Жозефер Френсис жолугушууларынан кийин жарыя кылынды. Американын Ливияга аскерий аралашуусунун шылтоосу «терорризмге каршы күрөшүү» жана анын ичинен «ИШИМге каршы күрөшүү» болду. Американын аскерий кийлигишүүсүндөгү максаты – колонизаторлук иш-аракетин алып баруу. Ошондуктан ал аскерий кийлигишүү планын сызды. Ошентип, Америка иш жүзүндө Ливияга аскерин жөнөтү. Би би си араб кызматы 2015 12 18 билдиришинче, «Пентагон катчысы полковник Мишель ушул жылдын он төртүнчү декабрында Ливия аскерий жетекчилери менен алакаларды бекемдөө максатында Америка аскерийлеринин жоон тобун Ливияга жөнөттү». Дагы буларды кошумчалады «Ливия аскерийлеринин бир кошууну кагылышуулар жүз бере электе Америка аскерлери тезинен Ливиядан чыгып кетүүсүн талап кылды. Кагылышуулар жүз бере электе аскерлер өлкөдөн чыгып кетти». Маалым болгондой, аскерлер Схират келишимине кол коюулушунан үч кун мурун жиберилди. Бул дегени Америка өзү каалаган чечимдерди аткара турган саясий чөйрөнү жүзөөгө келтирүү үчүн, Хафтар сыяктуу аскерий малайлары аркылуу сүйлөшүүлөрдү иштен чыгаруу үчүн аскерий иштерди ишке салууну каалагандыгын билдирет. Мындай учурда түзүлгөн өкмөт эч кандай иш кыла алмак эмес. Келечекте Америка Ливия майданында таасирге ээ болуу жана анын кызыкчылыгын ишке ашырып бере турган күчтүү саясий чөйрөнү жүзөөгө алып келүү үчүн Хафтар сыяктуу аскерий малайлары аркылуу аскерий амалдарды ишке салат.

Ал эми Европанын аскерий кийлигишүүсү алардын берген билдирүүлөрүнөн ачык көрүнүп турат. 2015 12 23 Франциянын «Фигаро» гезити делегаттардын сөзүн жарыялады: Ливияда ИШИМдин пайда болуусу Франция үчүн чечкиндүү иш алып баруу жана Ливияга аскерий кийлигишүү үчүн мамлекеттер аралык коалиция түзүү зарылчылыгын пайда кылат. 2016 01 12 Африка дарбазасы агенттиги Британиянын socialist worker сайтынан көчүрүп басып чыкты: «консервативдик өкмөт Ливиядагы нефти кудуктарын коргоо үчүн Африканын түндүк жээгиндеги Британ деңиз флотторун жана 1000 аскерди коркунуч туудуруп жаткан ИШИМге каршы күрөшүү максатында Ливияга жиберди. Ошондой эле аба күчтөрүн ИШИМдин турумдарына сокку урууга даяр турууга буйурду. Британиянын «Дейли телеграф» гезити 2015 12 12 Коргоо министринин маалымат булагына таянуу менен буларды билдирди: «Британия террорчу жамааттардын коркунучу күчөгөнүнө байланыштуу Ливия аскерий кийлигишүүсүнө Европа коалициясы менен биргеликте кирүүгө даяр. Ливияга аскерий колдоо көргөзүү үчун аскерлерди жана жабдыктарды жөнөтүү менен аскерий кийлигишүү башталды. Бирок Британия улуттук бирдиктүү өкмөттү күтүп жатат». 2015 12 12 маалымат каражаттары Британиянын Ливиядагы элчиси Питер Милеттин сөзүн басып чыкты: «Британия терроризмге каршы күрөшүү үчүн Ливияда түзүлүшү күтүлүп жаткан улуттук биримдик өкмөтүнүн талабы менен Ливияга аскерий аралашууну пландап жатат» т.а. Европа Ливия жаңы өкмөтүн түзүп жана андан Ливияга аскерий кийлигишүүгө макул болушун талап кылат. Өткөн айдын акырында Франция тик учактары Ливия аба мейкиндигинде чалгындоо иштерин алып барды. Британия менен Франция Ливияга аскерий аралашууну жалгыз Америкага таштап койгулары келген жок. Тактап айтканда, Америка үчүн жол ачып койууну каалашкан жок. Ошондуктан бул эки өлкө Америка аскерий кийлигишүүлөрүнө каршы туруу максатында аскерий кийлигишүүлөрүн баштады. Баардыгы тең

«ИШИМге каршы күрөш» шылтоосун бетке кармашты. Буга дагы бир башка шылтоону кошуп койушту. Ал долбоор катары көтөрүлгөн улуттук бирдиктүү өкмөт талабына жооп берүү шылтоосу болду! Чыныгы акыйкат болсо – бул колонизатор мамлекеттердин биздин жерлердин байлыктары үчүн күрөш жүргүзүшү.

8. Ушуга негизделип айтсак, түзүлө турган өкмөт маанилүү иш кыла албайт. Бул өкмөттө туруксуздук күчтүү болот. Ал өзүнөн мурда тараган Табрук жана Тириполи өкмөттөрү жүргөн жол менен жүрө турган үчүнчү өкмөт эле болот. Парда артындагы оюнчулардын колундагы куурчак болот.

Түзүлө турган өкмөттүн иштеп кете албастыгы эки себебтен улам болот. Биринчиси, күрөшүп жаткандардын түрткүлөрү карама-каршы багытта. Ар бири өз кызыкчылыгы үстүндө иш алып барууда. Экинчиси, Ливия кризисин чечүү ролу Ливия калкынын колунда айланбастан, балким колонизатор каапырлардын колунда айланууда. Негизи, мусулман Ливия калкынын колунда айланышы ваажиб эле.

Тилекке каршы, мусулман өлкөлөрү колонизатор каапыр мамлекеттердин саясий тил бириктирүү жана аскерий майданына айланып калганы о.э. анын натыйжасында мусулмандардын канынын төгүлүп жатканы кандай гана өкүнүчтүү…

Ошону менен бирге эле, биз Ливия калкынан чыныгы ыкластуулар чыгып, Аллахтын жардамы менен бул баскынчы каапырлардын айла-амалдарын жокко чыгарат деп ишенебиз, Аллах эң жакшы жардам берүүчү. «Эй ыйман келтиргендер, эгер силер Аллахка жардам берсеңер, Аллах силерге жардам берет жана кадамдарыңарды бекем кылат. Каапырлардын акыбети кандай гана өкүнүчтүү жана алар кандай гана адашкан».

**19-январь, 2016-м.**

**9-робиус-саний, 1437-х.**

## Американын Ливиядагы чабуулдары

**Суроо:** *Саррож өкмөтүнүн талабы менен Американын Сиртке сокку берип жаткан чабуулдары улануда. «Сирттеги башкы кеңеш күчтөрүнө жакын аскерий булактар баса белгилешинче, кече Америка самолёттору шаардагы ИШИМ позицияларына сегиз ирет аба чабуул жасаган...». (Арабийя нет, 2016-жыл, 9-август). Белгилүү болгондой, Ливиядагы Саррож өкмөтү Мароккодогу Сухайрот (Схират) келишими боюнча түзүлгөн. Бул келишимде негизги оюнчу Европа, өзгөчө Британия болгон... Бул өкмөттүн саясаты Европа саясатына ылайык Америка аскерий аралашуусун четке кагууга багытталган. Эмне үчүн бул өкмөт азырга келип Американын аралашуусуна ыраазы болду? Саррож саясаты Европа планынан өзгөрдүбү? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.*

**Жооп:** Саррож өкмөтү дагы эле Европа т.а. Британия сызган сызыкта бара жатат. Ошондуктан, бул өкмөт Америка аскерий аралашуусуна ыраазылык бериши ал саясий жактан Америкага малай болуп калганын түшүндүрбөйт. Тескерисинче, аны мындай кадамга Британия үндөдү. Бул – Табрук парламентин Саррож өкмөтүнө ыраазылык берүүгө Американы кызыктыруу үчүн ташталган кадам. Себеби, Америка Саррож өкмөтүнө – Британия Саррож өкмөтүнүн пайдасына жараткан коомдук пикирдеги саясий үгүт себептүү – ыраазылык берген болсо да, бирок, Америка иш жүзүндө бул өкмөткө каршы бойдон кала берди о.э. Хафтар жана анын жамааты аркылуу бул өкмөткө проблемаларды туудурууну уланта берди. Ошондуктан, Америка Табрук парламентин Саррож өкмөтүнө ыраазылык бердирбеди. Натыйжада, Саррож Британия үндөөсү менен ушул кадамды шилтеп Американын аскерий аралашуусун талап кылды. Максат – мүмкүн Америка Табрук парламентине Саррож өкмөтүнө ыраазылык берүүнү буйруйт деген «үмүттө» Американы кызыктыруу... Муну тунугураак түшүнүү үчүн ушул жагдайларды карап чыгабыз:

1 – Саррож өкмөтү Европанын, өзгөчө Британиянын колдоосу менен түзүлдү. Британия 2015-жылы 17-декабрда Сухайрот келишими түзүлүшүнө

жетишти. Британия Ливияга карата аскерий жактан аралашуунун болушуна тоскоолдук кылып келе жаткан. Себеби, Британия саясий чөйрөгө өкүмдар жана өкмөт ага малай болгондуктан мындай аралашууга муктаж эмес эле. Ошондуктан, Британия аскерий аралашууну тыюу үчүн эл аралык токтомдорду чыгартууга жетишти. Бирок, Америка аралашуу үстүндө катуу турду жана өткөн жылы ноябрдан баштап жеке тартипте соккуларды берди. Американын акыркы соккусу февралда болду. Анын акыбетинде Ливиядагы бир аскерий лагерде 49 киши каза болду, алардын көпчүлүгү Тунис калкынан болгон. Американын Ливиядагы таасири чабал. Ошондуктан, Америка аскерий аралашууга таянмакчы. Америка ушундай таризде аракет кылуу үчүн өзүнүн малайы Хафтарды колдоп-кубаттады... Америка Ливиядагы таасири чабал экенин моюнга алды. Пентагон өкүлү Питер Кук 2016-жылы 17-майда ушуларды айтты: «Кошмо Штаттардын Ливиядагы таасири дагы эле күчсүз бойдон калууда, бул таасирдин вазыйпасы – Кошмо Штаттарга «Мамлекет уюмуна» каршы алып барып жаткан согушунда жардам бере турган тараптарды жана топторду аныктоо». (Шурук Тунисийя, 2016-жыл, 17-май). Саррож өкмөтүнүн ишин жеңилдетүү алдындагы тоскоолдук – Америка койгон шарттар. Америка армиядагы негизги роль Хафтарга берилишин жана мына ошондон кийин Табрук парламенти Саррож өкмөтүн моюнга алышын шарт кылууда. Бирок, Сухайрот келишиминде мындан башка нерселер көрсөтүлгөн. Эл аралык өкүл бул нерсени бир нече жагдайларда кайра-кайра айтты. Ливияга жиберилген эл аралык өкүл Мартин Коблер 2016-жылы 7-августта «Год» телевидениесине ушуларды айтты: «Саясий келишимде башкы кеңеш Ливия армиясынын жогорку командачысы экени көрсөтүлгөн, Ливиядагы бардык тараптар бул келишимди урматташы керек, армия башкы командачысы, башкы штаб башчысы, деңиз жана кургактык күчтөрүнүн командачысы ким болушу керектигин белгилеп берген токтомдор кабыл алынышы керек, бул күчтөр башкы кеңештин колу астында болушу шарт». Мартин Коблер ушуларды кошумчалады: «Мен бир

нече аптадан бери генерал Халифа Хафтар менен Ливия армиясын бириктирүү маселесин талкуулоого урунуп келүүдөмүн...». Мартин Коблер «Ливия парламенти улуттук биримдик өкмөтүнө ыраазылык берүү үчүн өзүнүн бардык мүчөлөрү менен топтолуп жыйын өткөрүшүн» талап кылды жана «парламент бир гана беренени четтеп саясий келишимге макулдук берди» деди. Мартин Коблер муну менен Хафтардын позициясына байланыштуу сегизинчи беренеге ишара кылууда. Ал беренеде мындай делет: «Ливиянын мыйзамдарында жана мыйзамчылыгында көрсөтүлгөн жогорку аскерий, жарандык жана коопсуздук кызматтарынын бардык укуктары келишимге кол коюлары менен премьер-министрлик кеңешине өтөт...». Алар мына ушул берене үстүндө келише албай жатышат...

2 – Британия Америка аскерий аралашууну каалап жатканын жана аны ишке ашырып жатканын түшүндү. «Бавваба Африкийя» маалымат агенттиги 2016-жылы 8-январда мындай деп жазды: «Африкадагы Америка аскерий командачылыгы мөөнөтү 5 жылга созулган иш планы боюнча Ливияга аскерий жактан аралашуусун расмий жарыялады. Бул пландан Африкадагы, аныгы Ливиядагы террорчу жамааттарды дагы да катуу кысымга алуу көздөлгөн». Муну менен Америка эч бир эл аралык токтом чыкпай эле аскерий чабуулдарды же аскерий аралашууну ишке ашыруу саясатын жүргүзүүгө чечим кылды жана муну иш жүзүндө баштады. Американын каалоосу түздөн-түз саясий иштер менен ишке ашпады. Мына ошондон кийин Ак Үй 2016-жылы 28-январда ушуларды жарыялады: «Президент Обама улуттук коопсуздук кеңешинин Ливиядагы абалды талкуулоого арналган жыйынына төрагалык кылды. Президент Кошмо Штаттар «Мамлекет уюмуна» – ал кайсы мамлекетте бар болбосун, зарыл болсо Ливияга чейин – чабуул берүүнү улантышын баса белгиледи жана улуттук коопсуздук тармагындагы кеңешчилерине уюмдун Ливияга жана башка мамлекеттерге кеңейишине жол бербөө боюнча көрсөтмөлөрдү берди»... Муну менен бирге Америка үчүн мыйзамдуу жактан аралашуу

Саррож өкмөтүнүн талабы менен болушу маанилүү. Бул мыйзамдуу чүмбөт болот. Ошондуктан, Британия Саррожго Америкадан аралашууну талап кылып, анын аралашуусуна мыйзамдуу түс берүүнү, андан кийин Америкага көрсөткөн бул «кызматына» таянып Америкадан Хафтарга берип жаткан жардамдарды азайтышын жана Табрук парламентин Саррож өкмөтүнө ишеним билдирүүгө мажбурлашын үмүт кылууну буйруду...!

3 – Ошентип, Америка аралашуусу Саррож өкмөтүнүн талабы менен т.а. өзүн мыйзамдуу деп эсептеген өкмөттүн талабы менен ачык-ашкере түрдө башталды! Пентагон өкүлү Питер Кук 2016-жылы 1-августта мындай деди: «Бул соккулар Ливия улуттук биримдик өкмөтүнүн талабына ылайык жүзөгө келди». Албетте бул талап үлкөн кылмыш болуп эсептелет. Ошондуктан, Саррождун 2016-жылы 8-августта Ливия расмий телевидениесинде айткан ушул сөздөрдү ага пайда бербейт: «Башкы кеңеш армиянын жогорку командачысы катары ИШИМ уюмунун Сирт шаарындагы жана анын тегерегиндеги позицияларына соккуларды берүү үчүн АКШдан түздөн-түз жардам талап кылууга токтом кылды... Албетте, бул амалияттар ушул баскычта анык белгиленген мөөнөттө жүзөгө келүүдө жана Сирт шаары менен анын айланасынан ары өтпөйт... Бул амалияттар техникалык жана логистикалык (материалдык кызмат) жардамдардан гана турат». Бул сөздөр ага пайда бербейт. Себеби, Пентагон өкүлү Питер Кук буга бүтүндөй тескери ушул сөздөрдү айтты: «Бул соккулар үчүн анык белгиленген убакытта бүтүү чекити жок... Ошондуктан, келечекте ар бир сокку улуттук биримдик өкмөтү менен келишилет жана сокку берүү үчүн Африкадагы Америка күчтөрүнүн командачысынын макулдугун алуу зарыл болот». (Хабар Жазоирийя, 2016-жыл, 2-август). Демек, Америка Ливияда чабуулдарды ишке ашыруу үчүн Ливия өкмөтүнүн расмий макулдугунун мүмкүнчүлүгүн биринчи ирет табууда. Ошол эле учурда, Америка бул чабуулдар чектелбешин жана дагы да көбүрөөк соккуларды беришин маалымдоодо. Бирок, сокку берерде Ливия өкмөтүн кабардар кылып коёт!

Америка муну Африкадагы командачылыгына байлап жатат т.а. өзүнүн Африкадагы саясаты алкагында ишке ашырмакчы. Бул амалияттарга Американын Африкадагы командачылыгы жетекчилик кылат. Демек, мында Ливия гана бутага алынбастан, бүткүл Түндүк Африка бутага алынат! Саррождун кургактык күчтөрүнүн киришине ыраазылык берилбейт деген сөздөрү да ага пайда бербейт. «Франс Пресс» агенттиги 2016-жылы 10-августта ушуларды маалымдаган: «Ливия улуттук биримдик өкмөтүнүн башчысы Файз Саррож шаршемби күнү Италиянын «Коррьере делла Сера» гезити менен болгон маекте анын мамлекети чет элдик күчтөрдүн ИШИМ уюмуна каршы согушуп жаткан күчтөргө жардам берүү үчүн Ливия жерине кирип келишине муктаж эместигин билдирди». Маалымат үчүн айта кетебиз, Американын «Вашингтон Пост» гезити 2016-жылы 9-август күнү ушуларды маалымдады: «Ал жердеги атайын Америка күчтөрү Сирт регионунда ИШИМ уюмуна каршы согушуп жаткан Ливия күчтөрүнө биринчи ирет түздөн-түз жардам көрсөтөт...»! Бул нерселерден Саррождун сөздөрү жергиликтүү калкты алдоо үчүн гана айтылганы жана бул сөздөр чындыктан алыс экени анык көрүнүп турат!

4 – Америка бул аралашууга өзүнүн бул региондогу таасирин бекемдей турган нерсе катары кароодо. Ушул мазмунда Америка президенти Обама соккулар берилген күндүн эртеси т.а. 2016-жылы 2-августта ушуларды билдирди: «Мамлекет уюмуна каршы Ливия өкмөтүнүн согушун колдоо Америка улуттук коопсуздук кызыкчылыгына кызмат кылат... Абадан берилген соккулар Ливия күчтөрүнө ушул экстремисттик жамаатка каршы согушуу жана туруктуулукту бекемдөө вазыйпасын аткаруу мүмкүнчүлүгүн кепилдөө үчүн ишке ашырылды». Обама кошумчалап мындай деди: «Ливияда туруктуулукка жетишүү Кошмо Штаттар, Европа жана дүйнө үчүн үлкөн пайда алып келет. Себеби, туруксуздук Европадагы качкындар кризисине байланыштуу нерселерге жана Ливия менен Европа ортосундагы деңизде болуп жаткан кээ бир инсаний кырсыктарга, кээ бир кооп-

коркунучтардын олуттуу түс алышына себеп болду». (Рейтер, 2016-жыл, 2-август). Демек, Америка президенти муну өз мамлекетинин улуттук коопсуздугунун кызыкчылыктарынан деп эсептөөдө. Мунун мааниси ушул: бул Американын Ливияда турушуна тиешелүү маанилүү маселе. Антпесе Америка улуттук коопсуздугунун Ливия менен эмне алакасы бар?! Бул жалаң Американын Ливиядагы таасирине тиешелүү болсо гана Америка улуттук коопсуздугуна алакасы болушу мүмкүн! Обама бул амалияттарды өз мамлекетинин кызыкчылыгы үчүн гана эмес, Европа жана дүйнө кызыкчылыгы үчүн кылып жатканын айтууда. т.а. Америка кудум Европа үчүн туруктуулукту орнотуп жаткандай болууда. Негизи, Америка Ливияда Европа менен күрөшүп жатат. Америка Ливияда өз таасирин жайып Европаны өз өкүмү астына киргизүүгө аракет кылып жатат. Ошондон кийин Америка – эгер кудурети жетсе – европалыктар узак убакыт колония кылып байлыктарын талап-тоноп келген бул исламий өлкөнү колония кылууда Европанын ордун ээлемекчи...

5 – Жогоруда айтып өткөнүбүздөй Британия Саррожго Америка аралашуусун талап кылууну буюрду. Мунун акысына Америка Хафтарга колдоо көрсөтүүнү азайтып, Табрук парламентин Саррож өкмөтүнө ыраазылык берүүгө көндүрөт деген «үмүттө» Британия өзүнүн малайына ушундай буйрук кылды... Бирок, Европа Американы Хафтар да, башкасы да кызыктырбашын, бул малайлар анын кызыкчылыктарына канчалык кызмат кылышы гана кызыктырышын жакшы түшүнөт. Ошондуктан, эгер Америка Саррожду ага гана кызмат кылган малайга айлантууга жетишсе Хафтарды оңой эле четтетиши мүмкүн. Бирок, аралашуунун мына ушундай өңүтү талап кылынган жок! Ушуга ылайык, Европа Америка Табрук парламентинин ыраазылык беришин артка сүрүшүн эсепке алат. Америка Табрук парламентинин ыраазылык беришин артка сүрүшү Саррож өкмөтүн дагы да көбүрөөк жан берүүгө мажбур кылат. Ошондон кийин Америка аскерий аралашууну өзүнүн кызыкчылыктарына кызмат кылдыруу үчүн аскерий

аралашуу мөөнөтүн созот. Натыйжада, Америка аскерий таасири уланып Саррож Американын аскерий командачылыгы астында болуп калат... Муну Европа албетте эсепке алууда. Ошондуктан, Европа Америка аралашуусун жарыялоодон өзүнүн жашыруун сактап келе жаткан аралашуусун ашкере кылуу үчүн пайдаланды. Ливиядагы аскерий майдан Американын бир өзүнө таандык болуп калбашы үчүн Европа өз аралашуусун да жарыялады. Ошентип, аралашуу ачык-ашкере боло турган болду. Натыйжада, Европа мамлекеттери аралаша турган болду. Аскерлери өлтүрүлгөн Франция сыяктуу жашыруун аралашууга кажет калбады. Ошентип, Ливиядагы Европа күчтөрү Америка күчтөрүнө каалаган ишин кылуу мүмкүнчүлүгүн бербей турган болду. Европа күчтөрүнө да олжодон үлүш тие турган болду! Ошентип, Европанын Ливияга аралашуусу жөнүндө ачык-ашкере сүйлөө башталды. «Санди Таймс» гезити 2016-жылы 7-августта ушуларды маалымдады: «Британия атайын күчтөрү Сиртте башкы кеңештин күчтөрү менен биргеликте ИШИМге каршы согушуп келди, бул күчтөр «Мамлекет уюмунун» 700 мааладагы бийик имараттар үстүнө жайгашып алган снайперларине каршы күрөшүү үчүн жаңы курал-жарактардан пайдаланды». Британиянын Ливиядагы элчиси Питер Милет өзүнүн «твиттердеги» барагында Американын Сирттеги чабуулдарына ишара кылып «Ливия «Мамлекет уюмуна» каршы согушуу үчүн эл аралык коалицияга кошулганын алкышташын» билдирди... Франция тышкы иштер министри Жан-Марк Эро «Саррож менен телефон аркылуу сүйлөшкөндө анын мамлекети Ливия улуттук биримдик өкмөтүнүн Америка аба соккуларынан турган эл аралык жардамды талап кылган кадамын алкышташын билдирди. Бул сүйлөшүү жөнүндө француз тышкы иштер министрлиги кабар таратты». Француз министри Саррожго «анын мамлекети улуттук биримдик өкмөтү менен бардык тармактарда, эң оболу коопсуздук жана терроризмге каршы күрөшүү тармагында кызматташуусун күчөтүүгө даяр экенин» билдирди. Франция Американы ыраазы кылуу үчүн эки тараптуу оюн алып баруудa. Себеби,

Франция чыгышта согуш алып барып жаткан Хафтарды колдоп-кубаттоодо жана бул согуштарда анын аскерлери өлтүрүлүүдө, ошол эле учурда, Франция батышта Триполидеги Саррож өкмөтүн колдоп-кубатташын ачык жарыялоодо!... Италия тышкы иштер министри Паоло Жентилони: «Италия Сирттеги «Мамлекет уюмуна» караштуу кээ бир буталарга карата Кошмо Штаттар ишке ашырган аба чабуулдарын алкыштайт, бул амалияттар өкмөткө берилген күчтөрдү колдоп-кубаттоо үчүн улуттук биримдик өкмөтүнүн талабына ылайык жүзөгө келди», - деди. Италия министри «анын мамлекети Ливиянын ар кандай түрдөгү жардам жөнүндөгү, алардын катарында, аскерий жардам жөнүндөгү талабын кабыл алууга даяр экенин» билдирди. (Онадолу, 2016-жыл, 3-август). Италия коргоо министри Роберта Пинотти: «Күчтүүрөөк божомолго ылайык, Италия Ливиядагы «Мамлекет уюмунун» мүчөлөрүнө сокку берүү үчүн өзүнүн базаларынан жана аба мейкиндигинен пайдаланууга – эгер Кошмо Штаттар ушуну талап кылса – уруксат бериши мүмкүн» деди. (Рейтер, 2016-жыл, 3-август).

6 – Ошентип, Британия иштеп чыккан Сухайрот келишиминин жемиши болгон Ливиядагы саясий режим Америка аралашуусуна уруксат беришин жарыялады! Бул режим колонизатор кафир мамлекеттен өлкөбүзгө аскерий жактан аралашууну талап кылууда Аллахтан да, Расулунан да жана момундардан да уялбады! Бул колонизаторлор өлкөлөрүбүздөгү акимдердин кыянаты себептүү аралашып жаткан болушса да, бирок, бул аралашуу мына ушул акимдердин талабы менен болушу дагы да ыплас, дагы да кайгы абал... Түпкүлүгүндө Саррож да калган малайлар сыяктуу бүгүн бир ишти кылып, эртең ага бүтүндөй тескери ишти кылууда таптакыр уялбайт. Ошондуктан, ал кече эле француз аралашуусуна наразылык билдирген болсо, бүгүн Америка аралашуусун алкыштоодо, алкыштап эле калбастан, талап кылууда! Малайлар өз кожоюндарынын буйруктарын аткарышат, алар дүлөй, дудук жана сокур, акылдарын иштетишпейт... Жогоруда айтып өткөнүбүздөй, булардын баары Америка Табрук парламентин Саррожго жана анын

өкмөтүнө ишеним билдирүүгө мажбурлоого ыраазы болот бекен деген «үмүттө» кылынууда!

7 – Саррож Американын аскерий аралашуусун расмий талап кылышы жана анын артынан Европа аскерий жактан аралашуусун жарыя кылгандыгы Ливияны кооптуу саясий күрөш үчүн гана эмес, андан-да кооптуураак болгон аскерий күрөш үчүн кызуу майданга айлантты! Бул албетте үлкөн кылмыш болуп эсептелет. Бул кылмышты кылган кимсе жана анын табакташ шериктери бул дүйнөдө кордукка туш болушат, акыреттеги азап болсо андан да оор.

﴿سَيُصِيبُ الَّذِينَ أَجْرَمُوا صَغَارٌ عِنْدَ اللَّهِ وَعَذَابٌ شَدِيدٌ بِمَا كَانُوا يَمْكُرُونَ﴾

***«Жакында мындай кылмышкерлерге кылып өткөн айла-амалдары себептүү Аллах алдында кордук жана катуу азап жетет»*** [6:124]

Күчтүү, Азиз Аллах кафирлер момундарга өкүмдар болуп алышына мүмкүнчүлүк берүүнү арам кылган. Кафирлерден жардам суроо кафирлерди момундар үстүнөн өкүмдар кылат.

﴿وَلَنْ يَجْعَلَ اللَّهُ لِلْكَافِرِينَ عَلَى الْمُؤْمِنِينَ سَبِيلًا﴾

***«Жана Аллах эч качан кафирлер үчүн момундар үстүнөн жол бербейт»*** [4:141]

Күчтүү, Жаббар Аллах кафирлерди дос тутууну арам кылды жана аларды дос туткан кимсени мунафыктар катарына киргизди жана ага оор азап болушун айтты.

﴿بَشِّرِ الْمُنَافِقِينَ بِأَنَّ لَهُمْ عَذَابًا أَلِيمًا * الَّذِينَ يَتَّخِذُونَ الْكَافِرِينَ أَوْلِيَاءَ مِنْ دُونِ الْمُؤْمِنِينَ أَيَبْتَغُونَ عِنْدَهُمُ الْعِزَّةَ فَإِنَّ الْعِزَّةَ لِلَّهِ جَمِيعًا﴾

***«Мындай мунафыктарга алар үчүн жан чыдагыс азап бардыгынан «кушкабар» айтып койгун! Алар момундарды коюп кафирлерди дос тутушат. Алар ошол кафирлердин алдынан күч-кудурет издешеби?!*** *(Убара болушат!)* ***Анткени, бардык күч-кубат Аллахка таандык»*** [4:138-139]

Расул с.а.в. кафирлерден жардам суроону арам кылды: Урвадан риваят кылынышынча, ал Айша р.а.дан ушуну риваят кылган: Расулуллах с.а.в. айтты:

«إِنَّا لاَ نَسْتَعِينُ بِمُشْرِكٍ»

**«Биз эч бир мушриктен жардам сурабайбыз».** (Дорамий өзүнүн сунанында чыгарган).

Табароний «Муъжамул кабир»де Хубайб ибн Абдуррахман ибн Хубайбдан, ал атасынан, ал болсо бабасынан мындай дегенин чыгарды: Расулуллах с.а.в. айтты:

«فَإِنَّا لاَ نَسْتَعِينُ بِالْمُشْرِكِينَ»

**«Биз мушриктерден жардам сурабайбыз».**

Хаким өзүнүн «Мустадрак» китебинде Абу Хумайд Соидий р.а.дан мындай дегенин чыгарды:

«فَإِنَّا لاَ نَسْتَعِينُ بِالْمُشْرِكِينَ»

**«Биз мушриктерден жардам сурабайбыз».**

Сөзүбүздүн соңунда ушуларды айтабыз: Ливия батышындагы жана чыгышындагы бул өкмөттөр Европа жана Америка сыяктуу Батыш малайлары болуп эсептелет. Ошондуктан, өз дини, өз өлкөсү жана өз Үммөтү үчүн кайгырган Ливиянын гаюр калкы бул өкмөттөрдү кулатууга аракет кылышы важиб. Себеби, бул малай өкмөттөр Ислам жана мусулмандардын душманы болгон кафир Батышка Куръани Карим хафиздери болгон мужахиддердин жерине жол ачып берди. Ливиянын гаюр калкынын жоопкерчилигинде бири-бири менен согушуп, төгүлүшү арам болгон канды төгүп жаткан, бири-бирин кафирге чыгарып жаткан куралдуу топторду жана уюмдарды тыйып коюу важиб вазыйпасы турат. Төгүлүшү арам болгон канды төгүү жана мусулманды кафирге чыгаруу Аллах Субханаху жана Расулу с.а.в. назарында өтө үлкөн күнөө болот. Төгүлүшү арам болгон канды төгүүгө келсек, Тирмизий өзүнүн сунанында Абдуллах ибн Амрдан Набий с.а.в.дын мындай дегенин чыгарган:

«لَزَوَالُ الدُّنْيَا أَهْوَنُ عَلَى اللهِ مِنْ قَتْلِ رَجُلٍ مُسْلِمٍ»

**«Албетте, Аллахка бир мусулман кишинин өлтүрүлүшүнөн көрө дүйнөнүн кыйрашы жеңилирээк».**

Насаий өзүнүн сунанында Абдуллах ибн Амрдан Набий с.а.в.дын мындай дегенин чыгарган:

«لَزَوَالُ الدُّنْيَا أَهْوَنُ عِنْدَ اللهِ مِنْ قَتْلِ رَجُلٍ مُسْلِمٍ»

**«Албетте, Аллахтын назарында бир мусулман кишинин өлтүрүлүшүнөн көрө дүйнөнүн кыйрашы жеңилирээк».**

Мусулманды кафирге чыгаруунун жамандыгына келсек, Бухарий өзүнүн сахихинде Абдуллах ибн Умар р.а.дан Расулуллах с.а.в.дын мындай дегенин чыгарган:

«أَيُّمَا رَجُلٍ قَالَ لِأَخِيهِ يَا كَافِرُ، فَقَدْ بَاءَ بِهَا أَحَدُهُمَا»

**«Ким өзүнүн боордошуна «эй кафир» десе, бул экөөсүнүн бирине тиет».**

Муслим ибн Умардан Набий с.а..в.дын мындай дегенин чыгарган:

«إِذَا كَفَّرَ الرَّجُلُ أَخَاهُ فَقَدْ بَاءَ بِهَا أَحَدُهُمَا»

**«Эгер киши боордошун кафирге чыгарса, бул экөөсүнүн бирине тиет».**

Адабул Муфрадда Абдуллах ибн Умардан Расулуллах с.а.в.дын мындай дегени жөнүндө риваят келген:

«إِذَا قَالَ لِلْآخَرِ: كَافِرٌ، فَقَدْ كَفَرَ أَحَدُهُمَا، إِنْ كَانَ الَّذِي قَالَ لَهُ كَافِرًا فَقَدْ صَدَقَ، وَإِنْ لَمْ يَكُنْ كَمَا قَالَ لَهُ فَقَدْ بَاءَ الَّذِي قَالَ لَهُ بِالْكُفْرِ»

**«Эгер, бири башкасына «кафир» десе, анда экөөсүнүн бири кафир болот, эгер кафир деп айтылганда бул сөз тастыгын тапса, ал кафир болот жана эгер тастыгын таппаса бул сөз айтуучуга кайтат».**

Демек, мусулмандын төгүлүшү арам болгон канын төгүү өтө үлкөн күнөө болуп эсептелет. Мусулманды кафирге чыгаруу да үлкөн күнөө.

Соңунда ушуларды айтабыз: биз албетте пакиза өлкө болгон Ливияда – Аллахтын уруксаты менен – көптөгөн мужахид, каарман, таква, пакиза чыныгы эркектер бар экенин билебиз. Биз ушул баатырларда жакшылыкты көрүп жатабыз. Бул баатырлар ушул жырткыч төрттүккө: колонизатор кафирлерге, динин саткан саткын акимдерге, Ислам шариятына, рошид Халифалыкка душмандык кылып жактан кимселерге жана Халифалыкты жаман көрсөтүү үчүн жалган Халифалыкты жарыялап, төгүлүшү арам болгон канды төгүп жаткан кимселерге каршы турушсун. Бул жырткыч төрттүккө каршы туруу важиб. Муну менен бирге, Аллах бизди жарык күндөргө жеткиришинен таптакыр үмүт үзбөйбүз. Биз чыныгы Халифалыктын, Пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалыктын кайтышы жөнүндөгү кушкабарды күтүп жатабыз. Чыныгы Халифалык адамдардын тынчтыгын коргойт, алардын иштерин камкордук менен башкарат. Натыйжада Ислам жана мусулмандар азиз, кафирлер жана мунафыктар болсо кор болот.

***«Аллах Өз ишинде үстөмдүк кылуучу, бирок, адамдардын көпчүлүгү** (муну) **билишпейт»*** [12:21]

**9-зул-каъда, 1437-х.**

**12-август, 2016-м.**

## Ливиядагы саясий кырдаал

**Суроо:** *2017.11.04 «Шаркул Авсад» кабар агенттиги Каирдеги жолугушуу Ливиядагы аскердик түзүмдөрдү бириктирүү келишимине жетишилгендиги менен аяктагандыгы тууралуу маалыматты таркатты. Ливия аскер түзүмдөрүнүн жетекчилери 2017.10.30. «Ливия аскер стуруктураларын тартиптештирүү» аталышындагы жыйынга катышуу үчүн Каирге келишкен. Маалым болгондой, БУУнун Ливиядагы ыйгарым укуктуу өкүлү Гассан Салама Аль-Сарраждын өкмөтү жана Табруктун эл өкүлдөр палатасынын депутаттары менен 2017.09.21 даярдалган жол картаны ишке ашыруу үчүн сүйлөшүүлөрдү жетектөөнү баштаган. Бирок,*

*бир айга жетпестен «Skhirat» («Схират») макулдашуусундагы сегизинчи пунктудагы карама-каршылыктар болгондугу үчүн үзгүлтүккө учураган. Суроо: аскерий жолугушуулардын башталышы саясий жолугушуулар ийгиликсиздикке учурагандыгын түшүндүрөбү? Башкача айтканда, саясий сүйлөшүүлөр ийгиликсиздикке учурагандан кийин, аскерий сүйлөшүүлөрдү алып баруу аркылуу сегизинчи пунктуну аскерий жол менен чечүүгө белсенип жатышабы? Эки тарап тең макул болуп, «Skhirat» келишими жетишилген эки жыл аралыгында эмнелер болду? Азыр болсо кайра карама-каршы болушууда?*

**Жооп:** «Skhirat» келишими жетишилген эки жыл аралыгында маанилүү деле окуя болгон жок. Келишимге кол коюу учурунда деле карама-каршылыктар бар болчу. Бирок, эки тарап тең өз максаттары үчүн ар түрдүү себептерден улам келишимиге кол коюшкан. Аны төмөндө карап чыгабыз:

1 – Каддафи башкаруусу маалында саясий чөйрөнүн көпчүлүгүн Британияга ыктагандар түзгөн. Ал саясий чөйрөдө Американын таасири жокко эсе болчу. Каддафи доорунун бүтүшү менен мурунку саясий чөйрө кайрадан майданга кайтып келе баштады. Анткени, анын тамыры али да куурай элек болчу. Бирок, саясий чөйрөдө дагы да Британияга ыктагандар көпчүлүктү түзчү. Америкачыл саясатчылар таасирге ээ боло элек болчу... Ошондуктан, Европа тез арада Ливияда жаңы өкмөттү жана жогорку палатаны калыптандыруу үчүн шайлоолорго олуттуу көңүл бура баштады. Анткени, эски саясий чөйрөнүн таасири себептүү кырдаал Америка тарабына ооп кетишинен кооптонуп жаткан... Америка болсо, Ливияда Европага ыктаган жаңы саясий чөйрөнү калыптандыруу үчүн кандай гана шайлоо болбосун ага тоскоолдук жаратууну көңүл борборуна алды. Башкача айтканда, Европа тезирээк саясий чечимге жетүүнү каалады. Ал эми, Америка болсо Европага ыктаган саясий чөйрөнү жүзөгө келтирүүчү саясий чечимдерди мүмкүн болушунча артка сүрдү. Анткени, Американын максаты

адатынча бой көтөргөн аскерий жол менен өзүнө ыктаган саясий чөйрөнү пайда кылуу эле.

2 – Америка Ливия офицери Хафтарды Ливияда Америка кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн аны Ливияга жиберди. Анын өмүр баяны Америка малайы экендигин тастыктап турат... Ал 1987-жылы Чадда 300 ливиялык асерлер менен бирге туткундалган. Кийин Америка Чадга ортомчулук кыла баштады. 1990-жылы Американын ЦРУ (борбордук чалгындоо агенттиги) аны бошотуу тууралуу сүйлөшүүлөрдү алып барды. Кийин Американын учактары Хафтарды жана анын жамаатын Заирге, андан кийин Америкага алып барды. Андан соң ага саясий башбаанек берди. Кийин ал сырттагы Ливия оппозициялык аракетине кошулду. Мына ушундайча Хафтар акыркы 20 жылын Американын Виржиния штатында өткөрдү. Ал жерде Хафтар ЦРУнун партизандык согушка даярдоо машыгуусунан өткөн. Ал козголоңго чейин Ливияга кайтып келген эмес. 17-февралдагы төңкөрүштөн кийин гана кайтып келди. Америка аскерий «жеңиштер» аркылуу жаңы саясий чөйрө жаратуу максатында аскерий кубат даярдоо үчүн Хафтарды Ливияга жиберди. Ошондуктан, аны Америка түздөн-түз өз жолу же Мисрдеги малайы Сиси аркылуу курал-жарак жана акча менен камсыздап турду. Америка Ливиядагы кандай гана саясий чечим болбосун бул аракеттерге каршы турду. Хафтарды таасирге ээ боло турган саясий чөйрөнү даярдаганга чейин күттү. Өзгөчө чыгышты көңүл борборуна алды. Анткени, Триполиде Европага, айрыкча Британияга ыктаган саясатчылар көпчүлүктү түзүшкөн. Америка Ливиянын чыгышында сезилээрлик кубатка ээ болду. Табруктун эл өкүлдөр палатасын өз колуна алды.

3 – 2015-жылы Европа саясий чөйрөнүн абалы өзгөрүп кетишинен мурун бир жыл ичинде саясий чечимге жетүү үчүн каттуу аракетке өттү. Европа кадамдарды тездетүү үчүн өзүнүн ыйгарым укуктуу өкүлү Леонду Ливияга жиберүү менен ийгиликке жетишти... Ал саясий чечимге жетишүү кадамдарын алга жылдыра баштады. Коопсуздук Кеңешине басым кыла ала

турган абалды жарата алды. Ошол эле маалда, эгер Америка саясий чечимди четке кага турган болсо Американы ыңгайсыз абалга калтыра турган жагдайды да жүзөгө келтирди... Натыйжада, Америка бул маселеге башка тараптан карай баштады. Америка Европанын саясий чечимге жетүү аракети ишке кирип калгандан кийин ага тоскоолдук жаратуу өзүнүн кызыкчылына кызмат кылбастыгын түшүндү. Ошентип, «Skhirat» келишимине оңдоп түздөөлөр аркылуу ага көзөмөл кылып калууну максат кылды жана ал келишимге макулдук берди... Келишимдин сегизинчи пунктуна келсек, бул келишим аскерий кубатка ээлик кылууга байланыштуу... Европа Хафтар Американын малайы экендигин жана аны Америка Ливия аскерине жетекчи кылууну каалап жатканын түшүнгөн. Ошондуктан, бул сегизинчи пунктуну, тактап айтканда, аскерий жетекчиликти өкмөт башчыга моюн суна тургандай кылып коюшкан. Анткени, өкмөт башчы Сарраж Европанын малайы эле... Ошондуктан, келишимдеги бул сегизинчи пункт келишимдин аткарылышына негизги тоскоолдук болуп калды жана Америка келишимди изинен чыгарууда муну ыңгайлуу фактор катары пайдаланды. Муну менен Америка, Хафтар Ливия аскерий жетекчилигинде кубатка ээ болуп алуусун, андан кийин Триполидеги европачыл саясий чөйрө менен таасир талаша турган, америкачыл саясий чөйрөнү түптөөгө мүмкүнчүлүк табуусун максат кылды.

4 – Ливиянын азыркы саясий кырдаалы мына ушундай. 2015-жылы «Skhirat» келишими жетишилгенине карабастан, абал анча өзгөргөн жок. Эки тарап тең саясий дагы, аскерий дагы максаттарына жетише элек. «Skhirat» келишими келишилгенде Ливия тууралуу суроо-жоопто да бул тууралуу кенен токтолгонбуз.

–2014.06.13 суроо-жоопто мындай деп келген: «Америка Ливиядагы саясий чөйрөнүн көпчүлүгү Британияга, айрымдары Францияга ыктаганын жакшы түшүнөт. Америка келээрки шайлоодо көпчүлүк европачылдар өтүп, азыраагы «көз карандысыз» болуп, анан Ливияда абал турукташат, ушул нерсе анын аскерий жол менен ийгиликке жетишүү каалосуна балта чабат

деп түшүндү. Анткени, аскерий жол аркылуу таасирге ээ болуу Америка үчүн Ливияда эң жакшы таасир күчүн жаратмак. Ошондуктан, Америка Ливияда европачыл адамдар көпчүлүк кылган шайлоолорду өткөрүү өзүнүн кызыкчылыгына дал келбейт деп түшүндү. Ошол үчүн Америка Ливиядагы кырдаалды өзгөртүү жана өзүнө ыктай турган саясий чөйрөнү жаратууну, андан кийин гана шайлоолорду өткөрүү максатында Хафтар жетекчилик кылган аскерий иш чараларды пландады. Анын биринчи кадамы, көпчүлүгү европачыл адамдардан турган Улуттук Конгресске каршы төңкөрүш уюштуруу максатында бир аскерий адамды жүзөгө келтирүү болду... Бул Америка үчүн ыңгайлуу учур жаралгычакты шайлоолорду артка сүрүп туруучу абал жаратуу дегенди билдирет. Эгер, Америка Ливияда мындай кылбаса, шайлоолорго европалыктар менен шериктеш катышып калат жана Ливия майданы ага бошобой калат. Мына ушундайча Хафтар Ливияда Америка кызыкчылыгы үчүн кызмат кылууга киришти. Ошондуктан, анын өмүр жолу Американын малайы экендигин тастыктап турат...».

–2015.04.11 суроо-жоопто мындай келген: «Европа Америка Ливиядагы сүйлөшүүлөрдү ийгиликсиздикке учуратуу максатында иштеп жатканын билет. Ошондуктан, өзүнүн ишенимдүү өкүлү Бернардино Леонду тандады. Ал башынан эле Европа кызыкчылыгына кызмат кылган. Бернардино Леон өзүнүн 2015-жылы март айына чектелген биринчи мандаттык мөөнөтү бүтө электе, саясий чечимге жетишүү кадамдарын тездетип, бул чечимге жетүүнү көңүл чордонуна койду. Ал саясий чечимге Коопсуздук Кеңешинин №2213 токтому негизинде 2015-жылдын 15-сентябрында экинчи мандаттык мөөнөтү киргенге чейин жетүүгө шашты. «Сүйлөшүүлөр» Женевада башталды, кийин Ливияга көчүп өттү, андан соң Мараккого, кийин Алжирде, андан ары кайрадан Мараккодо болду. 2015-жылдын 12-мартында Мараккодогу сүйлөшүүлөр алкагында Табрук парламентинин мүчөлөрү ишти дагы бир сыйра карап чыгуу максатында ливиялык тараптардын ортосундагы саясий сүйлөшүүлөрдү бир жумага т.а 19-мартка чейин жылдырууну талап

кылышты. Леон мүмкүн болушунча тез арада саясий чечимге жетүүнүн зарылчылыгын белгилеп өттү... 16-мартта Евро Биримдик сүйлөшүүлөр ийгиликсиздикке учураганын эскерткен билдирүүсүн чыгарды. Анда мындай деп келген: «Саясий чечимге жетүүнүн ийгиликсиздикке учурашы Ливиянын бүтүндүгүнө коркунуч жаратат. Улуттук Биримдик өкмөтүн түзүү жана коопсуздукту камсыздоого байланыштуу маселелерде ЕБ Ливияга жардам берүүгө даяр» («Германия кабар агенттиги» 2015.03.16)».

–2016.01.16. суроо-жоопто мындай делет: «Британия Ливиядагы саясий чөйрөнүн көпчүлүк бөлүгү анын тарабында экенин билет. Ошондуктан, Леондун сунушу негизинде түзүлгөн убактылуу өкмөт да анын тарабында болооруна кадыржам. Ушуга таянып ал «Skhirat» келишими Леондун мөөнөтү учурунда жетишилишине кызыкдар болду. Леон муну ишке ашыра албагандан кийин Коблер келди. Келишимге карата оңдоп түздөөлөр киргизилди. Британия бул оңдоп түздөөлөр Американын Коблерге карата кысымы астында болуп жатканын жана Америка келишимди Америка каалгандай кылып кайрадан түзүп чыгуу максатында келишимди толук түрдө ийгиликсиздикке учуратуу кадамдарын жасап жатканын сезди. Америка бул максатын Хафтар жетектеп жаткан аскерий амалияттардын негизинде жаңы саясий чөйрө жаратуу, ошол эле маалда Америка өзү жетектеп жаткан саясий тил бириктирүүлөр аркылуу ишке ашырмакчы болду. Ошондуктан, Британия күтүлбөгөн иштер жүз беришинен мурда келишимге жетишүүнү тездетүүгө уруна баштады. Коблердин өзгөртүүлөрдү киргизген келишимине да макул эле. Ошол себептен келишимге жетишүү тездетилди. 2015.12.17 Мараккодо «Skhirat» келишимин жыйынтыктоочу этабын бүтүрүүгө шашты. Бул келишим эл аралык жактан кабыл алынуусу үчүн Коопсуздук Кеңешине кайрылды. Келишимдин жыйынтыктоочу бөлүгүн колдоо үчүн №2259 токтомун Коопсуздук Кеңешине жолдоду... Британиянын келишимди тезирээк ишке ашырууга түртүп, шаштысын кетирип жаткан нерсе, Американын келишимге тоскоолдук жаратып жаткан аракети болду.

Британиянын мындай аракети боюнча Ливия эл өкүлдөр палатасынын төрөгасынын кеңешчиси Иса Абдул Каюум 2015.12.13 «Ал Год» араб телеканалына берген маегинде мындай деди: «АКШнын ТИМи Керринин билдирүүсүнөн көрүнүп тургандай, Ливия кризисин чечүүдө Американын жигердүү кызыгуусу Британия менен Франциянықына салыштырмалуу аз».».

–2016.03.12. суроо-жоопто мындай келген: «Американын келишимге мындай тоскоолдук кылуусунун себеби Ливиядагы саясий чөйрөнүн көпчүлүгү Каддафинин калдыктары, башкача айтканда, европачыл саясий чөйрө. Кандай гана өкмөт түзүү болбосун ушул саясий чөйрөнүн таасири астында калат. Америка болсо Хафтарга жана анын айланасындагы аскерийлерге таянды... Ошондуктан, Америка мүмкүн болушунча саясий чечимге тоскоолдук кылып Хафтар аркылуу аскерий жол менен жаңы саясий чөйрө жаратууга урунду. Ал арстан үлүшкө ээ болуу максатында аскерий жол аркылуу жаңы саясий чөйрө жасоого урунду. Европа болсо мунун тескерисинче келишимге жетишүү жана өкмөттү түзүү жаатында жан үрөдү. Анткени, ал Ливиядагы саясий чөйрөгө ээлик кылат эле. Буга далалат кылган нерселер өтө көп. 2016.02.19 Британиянын ТИМи Филипп Хаммонд Алжирге иш сапары менен барды жана Алжирдин ТИМи Рамтан Ламамра менен жолукту. Жолугушуунун алкагында: «Ливия башынан өткөрүп жаткан кризисти аскерий кийлигишүү аркылуу жөнгө салуу ылайыктуу чечим эмес» деп саясий чемимге чакырды. («Аль жазиира», 2016.02.19)».

5 – Ошондуктан, 2015-жылы декабрда жетишилген «Skhirat» келишиминен берки иштер ар бир адамга айдан ачык түшүнүктүү. Балким ага чейинкиси деле жалпыга маалым. Европа саясий чечим табууга шашты. Анткени саясий чөйрө анын ээлигинде болчу. Америка болсо кол куурчагы Хафтар аркылуу аскерий жол менен жаңы саясий чөйрө пайда кылууга аракет кылды... Мына ушундай көрүнүштө бирде алыстап, бирде жакындап сүйлөшүүлөр айлампасы жүрдү. Сүйлөшүүлөр башталуусунан бир ай өтпөстөн Табрук делегаттары сүйлөшүүнү таштап чыгып кетишти жана

сүйлөшүүлөр токтотулду... Салама да ушул делегаттар менен бирге болчу. Бул же тиги жерден ар кандай сунуштарды айтты. Сүйлөшүүлөрдү таштап Тунистен Ливияга келишкендиктеринин себебин, ишти кайра карап чыгуу шылтоосу менен түшүндүрүп, актанышты... Салама эки тараптын жыйынтыктоочу чечимге келүүсү, алардын артында турган эл аралык күчтөрдүн макулдугу менен чечилээрин да билет. Мына ошондуктан, Гассан Салама бул ишке ээлик кыла албайт, ал тургай эки тарап тең артындагы эл аралык күчтөрдүн макулдугусуз бирер иш кыла алышпайт. Ошондуктан, делегаттар сүйлөшүүлөрдү таштап, ишти кайра карап чыгуу шылтоосу менен Тунистен Ливияга кайтып кетишти.

«Аль жазиира» кабарчысы мындай маалымат таркаттты: «Ливия өкүлдөр палатасынын депутаттары жогорку палата менен бирге Туниссте «Skhirat» келишимине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сүйлөшүүлөрдүн экинчи айлампасынан кийин, себебин айтпастан сүйлөшүүлөрдү таштап чыгып кетишти». Кабарчы мунун себебин президенттик кеңеш менен өкмөт эртеден кечке талкуу кылган, келишимдин сегизинчи пункту болушу мүмкүндүгүн айтты. «Аль жазиира» 2017-жылдын 16-октябрында, биринчи күнкү эки тараптын ортосунда токтотулган сүйлөшүүлөргө баа берүү максатында БУУнун Тунистеги штаб квартирасында БУУнун Ливиядагы ыйгарым укуктуу өкүлү Гассан Салама жана делегаттардын төрөгасы Муса Фарадж, Абдел Салам Тасей менен жолугушаарын маалымдады. («Аль жазиира», 2017.10.17). Агенттиктин кабарчысы буларды кошумчалады: «БУУнун Ливиядагы өкүлү Ливия сүйлөшүүлөрүнүн эки тарабына тең келишимдин пунктуларын иштеп чыгуу жана жолугушуунун алкагында эки тараптуу келишпестиктерди караштырууну камтыган документти берди. Ошондой эле эки тараптын ар бири менен өз өзүнчө сүйлөшөрүн да билдирди». («Аль жазиира», 2017.10.18). 21-октябрда Салама өткөргөн пресс-конференциянын алкагында, Туниste сүйлөшүүлөр үчүн чогулган мамлекеттик конгресстен жана Ливия палатасынан турган эки тараптуу

делегаттардын ортосунда өз ара түшүнүү жана келишимдин багыттары бар экендигин белгилеп өттү. Делегаттардын дем алыш күнү Ливияга кайтуусу саясий жетекчилер менен талкуулашуу максатында болгондугун жана 8-пункт боюнча пикир келишпестиктер бар экендигин, аны жайгарууга аракет кылаарын белгиледи. («Аль жазиира», 2017.10.24).

6 – Мына ошондуктан Хафтар аскерий амалияттарды көңүл чордонуна айлантты. Анын бул иштери жашыруун деле болгон жок. Тескерисинче, 2017.09.21 Гасан Саламанын жетектөөсү менен Президенттик Кеңеш менен Табрук Парламентинин ортосунда башталган сүйлөшүүлөр жүрүп жатканда да Хафтардын аскерий амалияттары, билдирүүлөрү чыгып турду. Ал аскерий амалияттарга өзгөчө көңүл бурду. Анын билдирүүлөрү сүйлөшүүлөрдүн ийгиликтүү болушуна шек жарата баштады. 2017.10.04 «Аль жазиира» маалымат булагы билдиришинче: «Эс алуудагы генерал Хафтар Ливия кризисин чечүү үчүн БУУнун жетекчилиги менен жүрүп жаткан сүйлөшүүлөр өз натыйжасын берүүсүнө күмөн жаратты... Хафтар Бенгазидеги коопсуздук боюнча болгон биринчи пресс-конференцияда мындай деди: «Азыркы учурда Ливия башынан өткөрүп жаткан кризисти саясий сүйлөшүүлөр жолу менен чечилишине элдин ишеними аз». Хафтар саясий сүйлөшүүнүн ордуна башка чечим бар экенидигине ишара кылып мындай деди: «Армия, бардык коопсуздук кызматы элдин кызыкчылыгына жооп берет».».

Хафтар 2017-жылдын августунда мындай билдирүү берген: «Армия Ливия топурагынын баарына көзөмөл кылгычакты биз күрөшүбүздү уланта беребиз». («Шаркул Авсад», 2017.08.15).

Ошондуктан, Америка саясий чечимди жетектөө үчүн аскерий чечимге басым койду, бул иш Американын Ливиядагы ишинин өзөгүн түзөт. Америка Хафтар аркылуу Ливияда өзүнүн таасири Европаныкынан күчтүүрөк деңгээлге жетүү мүмкүнчүлүгүн тапканга чейин Европа алга сүрөп жаткан саясий чечимге тоскоолдук жарата берет. Тактап айтканда, Америка саясий

чечимди жетектөө үчүн аскерий чечимге басым койду. Ал бул жаатта баардык ыңгайлуу учурларды колдон чыгарбаганга аракет кылды. Ошондуктан, Каирдеги Хафтардын таасирин армияда күчөтүүчү аскерий жолугушууну ыңгайлуу учур катары пайдаланды. Хафтарды ушуга буюрду. 2017.10.30 Ливиянын аскерий жамааттары Каирге чогулушту. Бул жамааттардын баары Хафтарды колдойт же ага каршылык кылышпаган жамааттар. Жолугушуу 2017.11.02 аяктады. «Шаркул Авсад» кабар агенттиги билдиришинче: «Ливия аскерий структураларын бириктирүү тууралуу Ливия офицерлеринин ортосундагы сүйлөшүүлөрдүн үчүнчү айлампасы кече күнү өз ишин аяктады. Ливия армиясынын структураларын бириктирүү жана анын 2011-жылдан бери баш аламандыкты башынан өткөрүп жаткан жарандык өкмөт менен боло турган алакасы тууралуу келишимдин жарым жартылайы макулдашылды». («Шаркул Авсад», 2017.11.04).

Мына ушундан маалым болгондой, Америка жана анын кол куурчактары болгон Миср менен Хафтар алга кадам таштай алышты. Хафтар Ливияда сезилээрлик даражада тараза ташын өзүнө оодура алды. Айрыкча өлкөнүн чыгышында Европанын нефти пайдалары басаңдай түштү. (Британиянын жана азыраак өлчөмдө Франция менен Италиянык). Бирок, бул күрөш аягына чыкты дегенди түшүндүрбөйт. Европанын Ливияда өз күчү бар, ошондой эле ал саясий иш-аракеттерде Америкадан алда канча айлакердик кылат. Ошондуктан, Ливия майданында Америка жана анын малайлары менен Европа жана анын малайлары ортосунда күрөш улануусу күтүлөт... Бирок, тилекке каршы бул күрөштүн отуну ливиялыктар болууда.

7 – Эскерте кетчү нерсе муслулмандардын көйгөйү душмандардын колу менен эмес, мусулмандардын колу менен чечилиши керек. Бул чечимди Аллах кимдин колуна берген болсо, ал оңой эле чечилет. Анын чечүү куралы Аллахка ашкере да, жашыруун да ыкластуу болуу. Сөздө жана иште Пайгамбар ﷺга чынчыл болуу. Мына ошондо гана сүйлөшүүлөрдү алып барып жаткандар халифа Умар Г фатх кылган түптүү Ислам жеринде

экендиктерин тушүнүшөт. Ливия көйгөйүнүн чечими Аллахтын Китеби Пайгамбар ﷺдын Сүннөтүндө. Анын чечими колонизатор каапырлардын колунда эмес.

﴿وَلا تَرْكَنُوا إِلَى الَّذِينَ ظَلَمُوا فَتَمَسَّكُمُ النَّارُ وَمَا لَكُمْ مِنْ دُونِ اللَّهِ مِنْ أَوْلِيَاءَ ثُمَّ لا تُنْصَرُونَ﴾

***«Заалымдык кылуучуларга сүйөнбөгүлө** (эгер) **андай кылсаңар силерди тозок оту кармайт жана силерге Аллахтан бөлөк жардам берүүчү болбойт»*** [11:113]

Сөзүбүздүн аягында биз мурда айткандарыбызды кайталап өтөбүз: жан кейите турган нерсе Исламды таркатуучу, ааламга адилеттүүлүк жана жакшылык нурун чачып келген мусулман жерлери каапыр колонизаторлордун таасири, байлык талашып күрөш жүргүзө турган майданына айлангандыгы. Биздин денебизден ар бир аккан кан алар үчүн шаттык тартуулайт. Биздин кандарыбыз алардын колу менен эле төгүлгөн жок, тескерисинче өзүбүздөн болгон малай акимдердин колдору менен да төгүлүүдө!

Колонизатор каапырлар биздин душмандарыбыз, алар биздин канды төгүүгө болгон күч аракеттерин жумшап жаткандыгы таңкалаарлык эмес. Ал эми, кээ бир ливиялык жамааттардын алар менен катарлаш туруулары өтө өкүнүчтүү. Алардын айрымдары Американы дос тутса, кээ бири Европаны дос тутту. Кийин бири-бирин өлтүрө баштады. Алардын согушу Ислам же Аллахтын калимасын улуу кылуу үчүн эмес, тескерисинче колонизатор каапырлардын кызыкчылыгы үчүн болду. Исламда бул чоң күнөөлөрдүн бири. Мусулмандардын өз ара согушу да чоң күнөөлөрдүн бири. Пайгамбар ﷺ айтат:

«كُلُّ الْمُسْلِمِ عَلَى الْمُسْلِمِ حَرَامٌ، دَمُهُ، وَمَالُهُ، وَعِرْضُهُ»

**«Мусулманга башка бир мусулмандын каны, малы жана намысы арам».** (Муслим).

«لَزَوَالُ الدُّنْيَا أَهْوَنُ عِنْدَ اللَّهِ مِنْ قَتْلِ رَجُلٍ مُسْلِمٍ»

**«Аллах Тааланын назарында мусулмандын өлтүрүлүшүнөн көрө дүйнөнүн жок болуп кетиши жеңилирээк».** (Насаий).

﴿إِنَّ فِي ذَٰلِكَ لَذِكْرَىٰ لِمَن كَانَ لَهُ قَلْبٌ أَوْ أَلْقَى السَّمْعَ وَهُوَ شَهِيدٌ﴾

***«Албетте бул нерседе кимде уга турган кулак туя турган жүрөк болсо эскертме үлгү бар»*** [50:37]

**17-сафар, 1439-х.**

**6-ноябрь, 2017-м.**

## Ливиядагы акыркы кырдаал

**Суроо:**

*Америка малайы Хафтар жана Европа малайы Сараж күчтөрүнүн ортосундагы бир нече салгылашуулардан кийин Хафтардын борбор калаа Триполиге карата чабуулу күч алды. Хафтар жана анын артында турган Америка азыркы учурда Триполини колго алуу мүмкүн деп карай баштадыбы? Мындай айыгышкан салгылашуулар жүз берип кетишине эмне өзгөрүүлөр орун алды? Триполидеги Сараждын өкмөтүн Түркия колдоого алып жатышынын акыйкатты эмне? Орусия чынында эле Ливия ишине аралаша алабы? Же бул нерсе опузага алуу бабына киреби? Германиянын Ливия кризиси тууралуу конференция өткөрүүгө чакырып жатканынан эмнелерди күтүүгө болот?*

**Жооп:**

Жогорудагы суроолордун Жоопу ачык-айкын болушу үчүн төмөнкү нерселерге назар салып чыгуу зарыл:

**Биринчиден:** Америка өз малайы Хафтарды Ливиядагы аскерий күрөш майданында күчтүү фигурага айлантууда ийгиликке жетишкенден кийин, Ливия эки таасир күчү астында калды. Америка малайы Хафтар ээлик кылган аймак жана Британия жана Европа малайлары ээлик кылган аймак арасында таасир күчтөрү астында калды. Америка өз малайы Хафтарды, өзгөчө, Миср аркылуу аскерий жактан колдоого алуусу Хафтарды Ливияда аскерий жактан

таасирдүү күчкө айланты. Бул нерсе Хафтар Ливия түштүгүнө чабуул кылганда көрүндү. Европанын таасири басаңдай түштү, айрыкча, Хафтар 2019-жылы апрелде Триполиге чабуул кылган учурда орун алды. Хафтар жана анын артында турган Америка Триполидеги Европа малайы Сараждын өкмөтүнө карата кысымды күчөтүүнү максат кылды. Бул аркылуу саясий сүйлөшүүлөрдө арстан үлүшүнө ээлик кылып калууну көздөдү. Алжир өз көйгөйү менен алек болуп калгандыгынан пайдаланып Хафтар Ливия түштүгүн колго алгандан кийин анын Триполиге карата чабуулу мына ушундайча жүз берди. Америка Триполиде мыйзамдуу тан алынган өкмөт казанынан тышка чыгууга аракет кылды. Ал муну Хафтарды расмий жооптуу адам катары санап телефон аркылуу аны менен байланышкандыгы менен көрсөттү. «Америка мамбашы Хафтар менен байланышууну демилгеледи». («Sky News arabia», 19.04.19).

**Экинчиден:** Европа Американын мындай аракетине каршы Ливия маселесин саясий өңүттө чечүү жагын көтөрүүдөн ары өтө алган жок. Германия канцлери Меркель Ливия кризисин чечүү үчүн Берлинде эл аралык конференция өткөрүү демилгесин колго алып, конференцияга чакырды. Бирок, бул демилгенин убакыты так белгиленген жок. «Германиянын борбор калаасы Берлинде өтүшү күтүлүп жаткан конференцияын белгилүү бир датасы жок». («Deutsche Fillet», 07.12.19). Бирок, кээ бир маалыматтарга ылайык, бул конференция ушул айдын аягында өтөрү айтылды. Европа чоң жетилик жыйынынан бери пландаган максатын бул конференция аркылуу ишке ашырууну каалап жатат. «Өнөр жайы өнүккөн өлкөлөрдүн лидердери Ливиядагы күрөш маселеси тууралуу эл аралык конференция өткөрүүгө чакырык таштaшты. Франция шаары Биаррицте өтүп жаткан чоң жетилик саммитинин аягында өлкө башчылары жергиликтүү күчтөр жана бардык кызыкдар тараптар бул конференцияга катышуусу зарылдыгын белгилешти». («Кудус арабия», 26.08.19). Европа өлкөлөрү Берлин конференциясына Ливияда өз малайларын сактап калуу жана анын артынан өз таасирин сактап

калуу үмүтүн жарыктандыра турган нерсе катары карап жатышат. «Сараж экинчи күнү Триполиде Италия ТИМи Лойджи де Майону кабыл алды. Де Майо Италия Ливияда коопсуздукту жана туруктуулукту камсыз кылуу үчүн колдоо көрсөтөрүн билдирди, Ливия кризиси аскерий жол аркылуу чечилбестигин баса белгиледи. Италия  Саламанын саясий нукка кайтып келүү аракеттин колдорун жана Берлин конференциясы Ливия маселесиндеги кызыкдар өлкөлөрдүн ортосунда бир мунусага келишүү үмүтүн жандандырышына үмүт артып жаткандыгын билдирди». («Индепендент арабия», 17.12.19).

**Үчүнчүдөн:** Америка Европа өткөрүүгө аракет кылып жаткан «Берлин конферениясынын» өтүшүнө тоскоолдук жаратып жаткандыгы көзгө урунду. Айрыкча, Америка Ливиядагы эл аралык атайын өкүлү аркылуу Берлин конференциясынын алдына коюп жаткан шарттар аркылуу. «Ливиядагы БУУнун өкүлү Гасан Салама Берлин конференциясы өтүшү үчүн үч шарт койгондугун ачыктады. Ал маселени чечүү аракети Коопсуздук Кеңешинин бөлүнүп жарылуу себебинен улам кыйынчылыкка учуругандыгын баса белгиледи». («Бавабату вусто», 13.11.19). БУУ өкүлүнүн бул көңүл коштугу Американын Берлин конференциясына карата тоскоолдугун көрсөтүп турат. Ушул нерсе бул конференциянын так убагын белгиленишине тоскоолдук жаратып жаткандыгын айгинелеп турат! Бирок, Америка бул нерсе менен эле чектелип калган жок, балким, Түркия менен Орусияны да Ливия майданына аралаштырды. Америка бул аракети аркылуу Ливия маселеси жаатында эл аралык жана жергиликтүү күчтөрдүн документин чаташтырып жиберди. Кийин Европанын аракетин да чалгытып, Берлин конференциясынын өтүшүнөн мурда Европага таасир өткөрдү. Бул нерсени ал Ливия майданына Түркия менен Орусияны да тартуу аркылуу кылды. Бул нерсе аркылуу Европа Америка менен Ливия маселесин чечүүдө таасир талашкан негизги фигура катары болбой калат. Балким, Орусия жана Түркия Европадан озуп, андан таасир талашат, анын натыйжасында Европанын ролу алсырайт.

Ошондуктан, эгер конференция өткөн күндө да Европа үмүт кылган натыйжа болбойт. Европа Америка Берлин конференциясынын өтүшүн колдоого алуусуна жана ага катышуусуна таасир кылуу үчүн Америка позициясына карата баардык ыкмаларды ишке салды. Ал тургай, Европа жооптуулары Американы ыңгайсыз абалга салуу максатында, Америка конференциянын өтүшүнө кызыкдар экендигин билдирип, анын атынан да сүйлөштү. «Германиянын ТИМи Мас италиялык кесиптеши Де Майо менен берген пресс-конференцияда: «Америка Берлин конференциясынын өтүшүнө кызыкдар жана анын ийгиликтүү болушуна өз таасирин тийгизет», - деди». («Айн Ливия», 10.11.19). Башкача айтканда, Америка айтпаганды Европа жооптуулары Америка атынан сүйлөдү! Ал эми, Американын эки көзү Ливия майданына тигилген. 2019-жылы 17сентябрда Берлин конференциясына даярдык көрүү жоолугушуусунан кийин Американын Ливиядагы элчиси Ричард Норланд Берлин конференциясына катышууга чакырылбаса да Алжирге барды жана Алжирдин ТИМи Boukadom менен жолугушту. («Кудус арабия», 12.11.19). Бул нерсе Америка Ливия маселесинде Алжир Хафтарга каршы кийлигишүүсүнөн кооптонуп жаткандыгына далалат кылат.

**Төртүнчүдөн:** ал эми, Америка Ливия күрөшүү майданына Орусия жана Түркияны киргизүү аркылуу Европа позициясын алсыратуу, анын артында Сараж өкмөтүн алсыратуу аракетине келсек, анын баяны төмөнкүдөй:

а) Америка өз малайы Хафтарга жардам бериши үчүн Орусияга Ливия маселесине кийлигишүү жолдорун ачып берди. Орусиянын аскерий компаниясы «Вагнер» Ливия майданында көрүндү. Орусиянын бул кылмышкер компаниясы Американын Иракта пайда болгон «Блэкуотер» кылмышкер компаниясынын окшошу болуп саналат. Көрүнүп тургандай, Америка Хафтарды колдоого алуу үчүн Орусияны кылмышкер «Вагнер» компаниясын Ливияга киргизүүгө шыктандырды. Орусиянын бул компаниясы Орусиянын заманбап аскерий куралдары менен куралданган, мисалы, тик учактарга бөгөт койуу системасы куралдары сыяктуу. Бул

аркылуу Хафтар Ливия күрөшүндө каршылаш тараптарына караганда тараза ташы оор келе турган негизги фигурага айланат. Бул сырткы аскерий келишимдер аркылуу акча табууну кесип кылган мамбашы Путиндин максатына туура  келет. Путин Америка талаптарына Жооп берип жаткандыгын тан алып мындай деди: «Орусиянын Хафтар жана  Сараждын өкмөтү менен байланыштары бар». («Россия сегодня», 09.12.19). Ошол эле учурда, Америка Хафтарды колдоого алып жатат. «Ак үйдүн билдирүүсүндө: Трамп терроризмге каршы күрөшүүдө жана Ливиядагы мунай ресурстарынын коопсуздугун камсыздоодо фелдьмаршал Хафтардын ролу эбегейсиз экендигин тан алгандыгы айтылды». («Deutsche Fillet», 24.11.19). Америка Ливия күрөшүн аны менен Орусия ортосундагы күрөш кылып көрсөтүүнү каалап жатат. «Германиянын «Deutsche Fillet» маалымат агентиги 2019-жылы 24-ноябрда Америка өкмөтүнүн баянатын жарыялады: Орусия Ливия күрөшүн Ливия элинин каалоосуна каршы пайдалануусуна каршы Америка Ливиянын эгемендүүлүгүн жана  бүтүндүгүн колдоого алат».

б) Ал эми, Түркиянын Ливиядагы ролу ачык эле көрүндү. «Түркия мамбашы Эрдоган жана Ливия өкмөт башы Файиз Сараж 2019-жылы 27-ноябрда Анкара жана Триполи ортосунда коопсуздук жана аскерий  жаатта өз ара түшүнүшүү, ошондой эле, деңиз аймактарын аныктоо меморандумуна кол койушту. Эрдоган журналистерге берген билдирүүсүндө мындай деди: «Миср Ливияда эмне кылып жүрөт? Абу Даби өкмөтү Ливияда эмне кылып жүрөт?». Орусиянын ролуна комментарий берип Эрдоган мындай деди: «Алар  «Вагнер» аталышындагы компания аркылуу Хафтардын жалданма аскерлери катары иш алып барышат. Аларды ким каржылап жатканы да белгилүү».  Ал дагы кошумчалап: «Мына ушул кырдаал каршысында биз кол куушуруп отурушубуз таптакыр туура эмес. Биз буга чейин болгон күчүбүздү жумшадык, аны мындан ары да улантабыз», - деди». («Ал-жазиира нет», 20.12.19). Кийин Түркия парламенти Эрдогандын долбоорун колдоп берди. «Эл аралык жактан тан алынган Сараж баштаган Ливия өкмөтүн

аскерий жактан колдоого алуу үчүн мамбашы жактан сунушталып жаткан демилгени – Түркия парламентинин 325 депутаты макул болуп, 184 депутат каршы чыгып – колдоп добуш беришти. Парламенттин бул колдоп берген мандаты Анкарага эл аралык жактан тан алынган Ливия өкмөттүк күчтөрү Триполиде Хафтарга каршы күрөш алып баруусунда согушуу үчүн эмес, аскерий жактан кеңеш жана машыгууларды өткөрүүдө машыктыруучу иштерин алып баруу үчүн Түркия күчтөрүн Ливияга жиберүүсүнө жол ачат». («Би-Би-Си», 02.01.20).

**Бешинчиден:** ал эми, Американын Түркияны Ливияга киргизүүдөгү ролу – Эрдоган кыйкырып жаткандай – Сараж өкмөтүн колдоого алуу эмес. Болуп жаткан окуяларга терең назар салып, анын түпкү маңызы каралса, эл аралык жана жергиликтүү, регионалдык максаттардын басымдуу тарабы айкын болот. Анын баяны төмөнкүдөй**:**

Жергиликтүү: Сараж өкмөтүнүн желеги астында «Муътадил Ислам» топтору катары этибарга алынган көптөгөн күрөш алып барып жаткан аскерий жамааттар бар. Буга чейин эле бул жамааттар менен Түркиянын байланышы болуп келген. Түркия Сирияда канкор Башарга аймактарды жеңил желпи тапшыруу үчүн аймактардагы Түркияга ыктаган куралдуу жамааттарды ал аймактардан сыртка алып чыгып кеткендей, Ливиядагы ага ыктаган бул жамааттарды да өз тарабына оодурушу жеңил. Ошондуктан, Түркия өзүн Ливияда берилгендик менен согуш алып барып жаткандай кылып көрсөтүп, Сараждын Хафтардын каршысында алсыратуу үчүн иш алып барат. Сараж Эрдоган Америка кемеси менен бирге жүрөрүн, Ливияда ага жардам берүү үчүн эмес, тескерисинче, Америка кызыкчылыгына кызмат кылуу максатында, Сирияда ага ыктаган куралдуу жамааттарды негизги аймактардан башка аймактарга чыгарып, ал аймактарды канкор Башарга тапшырып бергендей, Ливияда да ага ыктаган куралдуу жамааттарды Хафтарга керек болуп жаткан аймактардан башка аймакка алып чыгып, ал аймактарды Хафтар жеңил желпи ээлеп алышына шарт жаратуу максатында

Ливиянын күрөш майданына киргенин жакшы түшүнүшү керек. Бирок, Сараж Европанын көрсөткөн тартиби менен Түркия менен жакындашып, Американы ыңгайсыз абалга калтырууну каалады. Анткени, анын өкмөтү эл аралык жактан тан алынган өкмөт жана ал кайсы өлкөндөн жардам алууну калааса, андан жардам алууга укуктуу, ошондуктан, Эрдоган Сараждын өкмөтүн колдоого мажбур болот. Кийин Европа Түркиянын Ливия маселесине кийлигишип жаткандыгына каршы эл аралык ызы-чуу көтөрөт. Анын натыйжасында, Түркиянын артында турган Америка, кийин Миср да бул эл аралык ызы-чууга кабылышат... Сараж жана анын артында турган Европа бул эл аралык ызы-чуу жана ыңгайсыз абал Американын, Хафтардын жана  Мисрдин Саражга каршы кысымын азайтуусуна таасир берет деп күтүп жатышат....

1 – Регионалдык: Алжир өзүндөгү кырдаалга байланыштуу Саражга жардам колун суна албай жаткан маалда, Түкиянын Сараждын аскерий жактан колдоого алуусу шылтоосу менен Миср Хафтарды аскерий жактан колдоого алууну күчөтөт. Чындыгында, Миср куралдуу күчтөрүн Ливияга согушуу үчүн жөнөттү. Ал эми, Түркия Сараж өкмөтүн колдоого алуусу бул Түркия Сириядагы ага ыктаган куралдуу жамааттарды колдоого алгандай символикалык түрдө гана болот. Негизи, Түркия Ливиядан кыйла алыс. Түркиянын колдоого алуусу ооз учунан экендигин айтпаганда, анын негизги максаты Ливия күчтөрүн Түркия тузагына түшүрүү болуп  саналат. Түркиянын жардамы Сириядагы сыяктуу бир закым гана!

2 – Эл аралык: Түркиянын Ливия майданына кирүүсү бул аймакты чыңалган аймакка айлантат жана Түркия менен Орусияны жакындаштырат. Бул кырдаал учурда ишке ашып жатат. Эрдоган Орусия аскерлеринин Ливияда жүргөндүгүнө каршы билдирүүлөр менен чабуул  кылды. Орусия болсо, Түркиянын кийлигишип жаткандыгына нааразылыгын билдирди. Кийин бул билдирүүлөр Түркия менен Орусия  Ливия жаатында келишимге келишкендиги тууралуу башка билдирүүлөр менен орун алмашты. Бул абал

Түркия менен Орусия Сирия жаатында тил бириктирүүлөргө баргандай ишке окшоп калды.

3 – Ал эми, Эрдоган Сараж менен газ жана мунай изилдөө иштерин алып баруу келишимин шылтоолоп адамдарды алдап жаткандыгы: «Түркиянын энергетика министри Фатих Донмаз мындай деди: «Деңиз аймактары такталып жана ал БУУда бекитилгенден кийин Түркия газ жана мунайды изилдөө иштерин жүргүзүүгө лицензияларды бере баштайт». Ал кошумчалап: «Бул иштер 2020-жылдын башкы айларында башталып калат деп ишенемин», - деди». («Reuters», 18.12.19). Көрүнүп тургандай, Эрдоган бул келишимдин алкагында Түркия бул аймакка өз кызыкчылыгы үчүн кирип, газ жана мунай изилдөө иштерин алып барат деген түр жаратуу аркылуу адамдарды чалгыта турган мүмкүнчүлүк тапты. Эрдоган 2018-жылы октябрь айында Анталия вилаяты тарабындагы Жер ортолук деңизде 100 км терендиктен газ жана мунай изилдөө иштерин алып баруусу өтө деле олуттуу болгон эмес. Кемелер газ жана мунай изилдөө иштери үчүн жиберилгендигине карбастан, Түркиянын энергетика министри изилдөө иштери башталбагандыгын тан алды. Азыр болсо, Эрдоган Түркия өз кызыкчылыгы үчүн Ливияга кирип газ жана мунай изилдөө иштерин алып барат деп адамдарды чалгытууда. Ошол эле маалда, Эрдоган бул чалгытуу ролу менен Ливияда Америка кызыкчылыгы үчүн иш алып баруу ролун ойноп жатат.

**Алтынчыдан:** ал эми, Триполидеги салгылашуунун чечүүчү тарабы акыркы айларда Хафтардын пайдасы үчүн боло тургандыгына ишара кылган факторлор көрүнө баштады:

Биринчи фактор: Америка Ливия майданына Түркия жана Орусияны алып кирүү аркылуу Европа үчүн кыйчалыш кырдаалды пайда кылгандан кийин жана жогоруда айтылып өткөндөй, Мисрдин ролунун күчөшү Хафтардын Триполиге карата аскерий амалияттарды күчөтүүсүнө шыктандырды. «Ливиянын улуттук армиясы аталышындагы куралдуу

күчтөрдүн командири Халифа Хафтардын 12-декабрдагы билдирүүсүндө Триполиге карата чечкиндүү аскерий амалияттар башталгандыгы айтылды. Ал алдыңкы бөлүктөгү аскерлерди салгылашуу эрежелерин сактоого чакырды. Хафтар Ливиянын «Нөл саат» деген телеканалына аскерий кийимде чыгып, бардык аскерий бөлүктөргө кайрылуу жасап мындай деди: «Бүгүн биз борбор калаа Триполиге карай алга жыла турган чечүүчү салгылашууну жарыялайбыз». («Deutsche Fillet», 12.12.19). Бул аскерий амалияттар бүгүнкүгө чейин уланууда...

Экинчи фактор: Орусиянын кийлигишүүсү, айрыкча, «Вагнер» компаниясы Хафтардын тарабында болуусу. Көрүнүп тургандай, Америка Хафтарды колдоого алуу үчүн Орусиянын кылмышкер «Вагнер» компаниясын Ливияга киргизүүгө шыктандырды. Орусиянын бул компаниясы Орусиянын заманбап аскерий куралдары менен куралданган, мисалы, тик учактарга бөгөт койуу системасы куралдары сыяктуу. Бул аркылуу Хафтар Ливия күрөшүндө каршылаш тараптарына караганда тараза ташы оор келе турган негизги фигурага айланат. Мамбашы Путин Америка талаптарына Жооп берип жаткандыгын тан алып мындай деди: «Орусиянын Хафтар жана Сараждын өкмөтү менен байланыштары бар». («Россия сегодня», 09.12.19).

Үчүнчү фактор: Сараж өкмөтүнүн желеги астында «Муътадил Ислам» топтору катары этибарга алынган көптөгөн күрөш алып барып жаткан аскерий жамааттар бар. Буга чейин эле бул жамааттар менен Түркиянын байланышы болуп келген. Түркия Сирияда канкор Башарга аймактарды жеңил желпи тапшыруу үчүн аймактардагы Түркияга ыктаган куралдуу жамааттарды ал аймактардан сыртка алып чыгып кеткендей, Ливиядагы ага ыктаган бул жамааттарды да өз тарабына оодурушу жеңил. Ошондуктан, Түркия өзүн Ливияда берилгендик менен согуш алып барып жаткандай кылып көрсөтүп, Сараждын Хафтардын каршысында алсыратуу үчүн иш алып барат... Бул бир тараптан. Башка тараптан болсо, Түркиянын Ливияга

кийлигишүүсү көмүскө түрдө жардам берип жаткан Мисрдин ачыкка чыгып Хафтарды колдоосун күчөтүүсүнө шылтоо болуп берет!

Төртүнчү фактор: Түркия менен Орусия ортосундагы чалгытуу көрүнүшү. Түркия Ливияда Сараждын өкмөтүн колдоого алып жаткандай түр жаратып жана Орусиянын Хафтарды колдоого алып жаткандыгын айыптап билдирүүлөрдү берди: «Алар «Вагнер» аталышындагы компания аркылуу Хафтардын жалданма аскерлери катары иш алып барышат. Аларды ким каржылап жатканы да белгилүү». Ал кошумчалап: «Мына ушул кырдаал каршысында биз кол куушуруп отурушубуз таптакыр туура эмес. Биз буга чейин болгон күчүбүздү жумшадык, аны мындан ары да улантабыз». («Ал-жазиира нет», 20.12.19). Ал эки күндөн кийин Путин менен келишишкенин жарыя кылды! «Эрдоган менен Путин Ливиядагы кырдаалды талкуулоо үчүн эки делегация түзүштү. Жакынкы аралыкта эки өлкөнүн расмий жооптуулары жолугушат». («НТВ» түрк телевидениеси, 18.12.19). Башкача айтканда, кудум Сириядагыдай, эртели кеч Орусия Сирия калкын бомбалоого алып жатканда Түркия эки жүздүүлүк кылып Сирия элин жана куралдуу жамааттарды колдоого алам деп, Орусия менен байма-бай жоолугушууларды өткөргөндөй абалды Ливияда да ишке ашырып жатат. Тактап айканда, эки тарап өздөрүнүн карөзгөй иштери эбак ачылып калгандыгын жашырып жатабыз деп ойлоп роль ойноп жаткан абалдай! «Ал-жазира нет» 2019-жылы 20-декабрда Италиянын «El Soso Deriwa» сайтынын маалыматын жарыялады: «Ливия майданы Орусия-Түркия оюнун чагылдырып жатат. Ошондой эле, бул эки өлкө ортосунда Кара деңиз жаатында келишим түзүлдү. Бул эки өлкө Ливияда Сириядагыдай тынчтык тажрыйбасын ишке ашырууга даярдык көрүп жатышат». Түркия менен Орусия ортосундагы чалгытуу иштеринин ачык-айкын болуп калуусу Хафтар үчүн ишти жеңилдетет жана аны активдештирет.

Ушул төрт фактор Хафтардын позициясын бекемдейт жана Триполиге карата чабуул алып барышына шыктандырат. Ушул төрт фактор Америка

башкаруусу жана анын тартиби менен жүргүзүлөт. Бул Хафтар тууралуу болду. Ал эми, Сараж тууралуу болсо, албетте, аны Европа колдоого алат, айрыкча, Британия, Франция жана Италия. Бул бекемдик менен согуш алып барып жаткан жамааттарга кошумча күч, айрыкча, Мисурат согушкерлери. Бирок, биз жогоруда баяндап өткөндөй, сырткы күчтөрдүн кийлигишүүлөрүнүн улануусу, Триполиге карата аскерий кысымдын күч алышы, Түркия Сараждын армиясындагы ага ыктаган куралдуу жамааттарды өзүнө тартуусу Ливияда Европа таасиринин олку солку болуусуна алып келет. Ошондуктан, Ливиядагы британиячыл жана европачыл чоң саясий чөйрө бул таасирди сактап калышы кыйын. Айрыкча, Америка Ливия майданына Орусия менен Түркияны киргизүү аркылуу иштерди чалгытып жибергенден кийин бул таасирди сактап калуу кыйынга турат. Башкача айтканда, Ливиядагы Европа таасирин мурдагыдай калыбына келтирүү азыркы кырдаалдагы окуяларга байланыштуу өтө кыйынчылыкка турат. Ошону менен бирге, жакынкы келечекте кризисти асерий жол менен чечүү да оңойго турбайт. Ушуга негизделип, Ливия маселесинде күтүлөт турган жагдай – алар капиталисттик жолдо орточо чечимге келүү аркылуу саясий чечимге жетүүгө аракет кылышат. Башкача айтканда, эки тараптын аскерий жактан чечүүчү натыйжага жетишүүсү кыйынга турса, саясий жактан басымдуу болуу менен аскерий жактан кимиси басымдуу болсо, ошого карап орточо чечимге келишет. Бул басымдуулук азыр Хафтар тарапта, башкача айтканда, Америка тарапта.

**Жетинчиден:** корутундулап айтканда, мусулман өлкөлөрү колонизатор кафир мамлекеттердин таасир талашып согуш жүргүзгөн аймакка айлануусу жана өзүбүздөн болгон мусулмандар колонизатор кафирлердин кызыкчылыгы үчүн кызмат кылып жаткандыктары кейиштүү. Ошондой эле, мусулман өлкөлөрүндөгү акимдер өз тактыларын, бийлигин сактап калуу үчүн кафир кожоюндарына берилгендик менен малайлык кылып жатышканы өкүндүрөт. Бул акимдер акыбет такваларга, Ислам жана мусулмандарга

таандык экендигин билишпеди. Кийин өкүнө турган маал өтүп кеткен соң өкүнүп калышарын да аңдашпады! Аллах Таала айтат:

***«Жүрөгүндө кесели барлар** (мунафыктар) (яхудий жана насронийлерге) **шашып барып, бизге бир мусибат жетип калышынан коркобуз деп жатышкандыктарын көрбөдүңбү. Аллах фатх кылууну же Өз алдынан бир ишти** (жеңишти, мусулмандар кафирлердин үстүнөн үстөм болуусун) **алып келсе, алар** (мунафыктар) **өздөрүнүн ичинде жашырган нерселерине өкүнгөн абалда калышат»*** [5:52]

**6-январь, 2020-м.**

### Ливияда тараптар ортосунда диалогдун кайрадан башталышы

**Суроо:** *2020-жылы 23-ноябрь күнү Ливияда тараптар ортосундагы диалогдун экинчи туру кайрадан башталды. Онлайн форматта өткөн бул диалогдо негизинен жаңы өкмөткө жана президенттик кеңешке талапкер көрсөтүү механизми каралды. Диалогдун биринчи туру 15-ноябрда өтүп, анда белгилүү бир пунктулар боюнча гана келишим түзүлгөн жана маселелер ачык калган. Ушул диалогдор Мароккодо Ливиядагы тараптар ортосундагы дагы бир диалог менен параллель башталды. Бул диалогдордун күрөшү артында ким турат? Булар Ливиядагы кризисти чечүүгө алып келиши мүмкүнбү? Бул жаатта эл аралык позиция кандай?*

**Жооп:** Маселе ачык-айкын болушу үчүн ушул нерселерди карап чыгуу зарыл:

1 – Түркия Сарражды колдоп-кубаттады жана Сарраж күчтөрү Хафтарды борбор калаа Триполиден чыгарып, Сирт жана Жуфрага чейин кууп салышты. Кийин андан туруктуу ок атпоо режимин кабыл алууну жана Түркия козголоңчу, мыйзасыз деп атаган башка тараптар менен диалог жана сүйлөшүүлөрдү өткөрүүгө макул болууну талап кылды! Ошондуктан Түркия тышкы иштер министри 2020-жылы 17-июнда борбор Триполиге сапар кылып, Вифак өкмөтүнүн башчысы Файз Сарраж менен жолугушуп: «Биз Ливияда туруктуу тынчтык жана туруктуу саясий чечимге жетишүүгө

токтодук», - деп билдирүү берди. («Анадолу», 2020-жыл, 18-июнь). Түркиянын аралашуусу Сарраж жана анын өкмөтүнүн пайдасына болбоду. Түркия бул өкмөттү башка тарапка макул болушу үчүн басым астында кармап туруу үчүн аралашты. Түркия АКШ саясатынын алкагында ашкере аракет кылат. Америка Ливиядагы Түркиянын пландарын колдоп-кубатташын ачык айткан. Бул болсо, Түркиянын иш-аракеттери Америка кызыкчылыгы үчүн болуп жатканын түшүндүрөт. 2020-жылы 8-июнда эки мамлекеттин жетекчилери Трамп жана Эрдоган ортосунда телефон сүйлөшүү болуп өттү. Алар Ливия маселесин талкуулашты. О.э. Эрдоган: «Ливия кризисин чечүү үчүн Түркия-АКШ демилгеси ишке ашырылууда», - деди. Эрдоган бул телефон сүйлөшүүсү артынан Түркиянын «TRT1» расмий телевидениесине чыгып «Трамп менен келишимдер түзүлгөнүн» айтты. Ал Ливия маселесинде эки мамлекет ортосунда «кызматташтык демилгеси» иштелип чыгышынын ыктымалы бар экенин баса белгиледи, бирок аны толук ачыктабады. Мындан тышкары, түрк тышкы иштер министри Мавлуд Чавушоглу 2020-жылы 11-июнда Түркиянын «ТМВ» телевидениесине берген интервьюда «президент Эрдоган менен анын америкалык кесиптеши Трамп ортосунда 2020-жылы 8-июнда болуп өткөн телефондук сүйлөшүүдө белгиленген келишимдер америкалык жана түркиялык расмийлер тарабынан талкууланышы күтүлүп жатканын» айтты. Ал «Түркия-АКШ демилгеси Ливия жөнүндө болгондугун» баса белгиледи. Булардын баары Түркия Ливияда АКШ саясатынан башка саясатты аткарбай жатканын көрсөтөт.

2 – Түркия Сарражды колдоп-кубаттоону токтотту. Ушул себептен улам, Сарраж Сирт жана Жуфраны көзөмөлгө ала албады. Сарраж бул эки регионго бастырып кирүүгө астейдил аракет кылды, эгер Түркия аны колдоп-кубаттоону токтотпогондо, ал региондорду көзөмөлгө алмак. Сарраж буга жетишпегендиктен ак атпоону келишимин кабыл алышы жана башка тараптар менен сүйлөшүүлөр алып барышы үчүн басым астында калды. Ошондуктан, 2020-жылы 16-сентябрда Сарраж октябрь айынын акырында

отставкага чыкмакчы экенин жарыялоо менен Эрдоганды ыңгайсыз абалга салмакчы болду. Сарраждын бул жөнүндөгү кайрылуусун Ливиянын расмий телеканалы эфирге берди: «Мен баарына октябрь айынын акырынан кечиктирбестен өз кызматымдан кетүү тууралуу каалоомду билдиремин... Диалог комитети өз ишин бүтүрдү. Үмүт кыламын, эми ал жаңы президенттик кеңешти жана премьер-министрди дайындайт». Сарраж «уюлдашуу (белгилүү бир тарапка тартуу) келишпестиктерди тынч жол менен чечүүгө каратылган бардык сүйлөшүүлөрдү абдан татаалдантты» деп, ага басым кылынганын моюндады жана тараптардын бирин «согуш оюнунда акча сайгандыкта» айыптады, бирок ал тарапты ачыктабады. Сарраж анын «өкмөтү түзүлгөндөн бери толук нормалдуу эмес, бир аз нормалдуу абалда да иштей албаганын, ички жана тышкы фитналарга ар күнү учураганын» моюнга алды. Баса белгилөө зарыл, Сарраж Ливиянын премьер-министрлик кызматына өзү отурбаган. Бул өкмөттү Британия Тунисте түзүп, 2015-жылы түзүлгөн Сухайрот келишиминен кийин өкмөттү Триполиге алып келген. Андыктан, Сарраж Европанын, өзгөчө, Британиянын көрсөтмөсү болбосо отставкага чыга албайт.

3 – Эрдоган Сарраждын отставкага чыгышы жөнүндөгү кабарды кабатырлануу менен кабылдады. Эрдоган: «Мен өткөн аптада Сарраж менен Истамбулда жолукканмын, ага карабастан, анда бул сыяктуу өзгөрүүнүн болушу жана мындай кабарды угуубуз биз үчүн өкүнүчтүү», - деди. Ал: «Түркия менен Вифак өкмөтү ортосундагы жолугушуулар кийинки апталарда башталат, ушундай жолугушуулар аркылуу ишти кайра жолго коёбуз, инша Аллах», - деп кошумчалады. («Анадолу», «Рейтер», 2020-жыл, 18-сентябрь). Акыбетте, Сарраж отставкага чыгуу ниетинен кайтты. Бул жөнүндө «Ал-Жазира» 2020-жылы 30-октябрда мындай кабар таратты: «Жума күнү Ливия президенттик кеңешинин төрагасы Файз Сарраж октябрь айынын акырында кызматтан кетүү жөнүндөгү чечиминен кайтуу тууросындагы талаптарды кабыл алды». Бул кабарды Сарраждын басма сөз

катчысы Галиб Заклаий өз билдирүүсүндө айтып, Твиттердеги баракчасында жарыялады. («Ал-Жазира», 2020-жыл, 30-октябрь). Европа Сарраждын отставкага чыгуудан баш тартканына аргасыздан макул болгондой болду, кудум Европанын да пикири ошондой болгон сыңары, өзүн Эрдоганга моюн сунбагандай кылып көрсөттү. Жогорудагы булакта мындай делет: «Жума күнү Германия тышкы иштер министри Хайко Маас Сарраждан Ливия диалогунун мөөнөтү бүткөнгө чейин өз кызматын улантууну талап кылды. Бул талап Маас менен Сарраж ортосундагы телефондук сүйлөшүүдө айтылды. Ливия өкмөтүнүн Фейсбуктагы билдирүүсүнө ылайык, сүйлөшүү чагында Ливиядагы окуялар да талкууланган. Германия тышкы иштер министри ушул баскычта Ливия өкмөтүн жетектөөнү улантуу үчүн Сарраждын кызматта калышы «маанилүү маселе» деди». («Ал-Жазира», 2020-жыл, 30-октябрь).

4 – Ошентип, Сарраж отставкага чыгуу ниети менен Эрдоганды ыңгайсыз абалга сала албады, тескерисинче отставкага чыгуудан баш тартууга мажбур болду! Жада калса, Сарраж отставкага чыгуудан баш тарткан соң Эрдоган аны менен байланышып, отставкага чыгуу чечими туура эмес болгонун улам-улам баса белгиледи! Бул жөнүндө 2020-жылы 7-ноябрда Түркиянын «Хабар 7» веб-сайты мындай кабар жарыялады: «Бир дипломатиялык булак маалым кылышынча, Эрдоган Сарражга «отставкага чыгуу жөнүндөгү чечимиңиз туура эмес болгон, отставкаңыз Ливия калкына душмандык кылып жаткан тараптардын пайдасына салым кошмок» деди».

5 – Россиянын Ливияга аралашуусуна келсек, албетте бул аралашуу АКШнын макулдугу жана Түркия менен келишген абалда болууда. Россия эки тарап ортосунда бейтарап позицияны кармануууга урунуп, өзүн ортомчу кылып көрсөтүүгө аракет кылууда. Россия Ливияга күчтөрүн жибербегенин айтып жаткан болсо да, бирок Ливияда аракет кылып жаткан «Вагнер» орус аскердик жеке компаниясы президент Путинге байланыштуу! Ошондуктан, Россия Сарраж өкмөтү менен алакасын үзмөкчү эмес, анткени Россиянын

көздөгөнү: ал жерде өз ролун ойноо жана Ливия боюнча сүйлөшүүлөргө катышуу. Ушул себептен улам, Россия президентинин Жакынкы Чыгыш жана Африка маселелери боюнча атайын өкүлү Михаил Богданов: «Москва бардык таасирдүү эл аралык оюнчулар, анын катарында Түркия менен байланышта, өзгөчө, Триполи жетекчилиги менен болгон байланыштарын сактап калат», - деп билдирүү берди. Ал Ливиядагы Россия-Түркия кызматташуусун мактап: «Эки мамлекеттин жетекчилери 2020-жылы 13-январда маалым кылган демилге эки тараптын ок атпоону жарыялашында оң роль ойноду. Бул Берлин конференциясы үчүн зарыл чөйрөнү жаратат», - деди. («Ахром», 2020-жыл, 20-июль).

6 – Ушундай кыраалда АКШнын талабы айтылды. АКШнын тышкы иштер министри Помпео 2020-жылы 10-июнда мындай деди: «Биз Ливияда тезинен тынчтыкка жетишүүнү талап кылабыз. Ливиядагы бардык чет элдик аралашууларды токтотууга жана сүйлөшүүлөр столуна олтурууга чакырабыз... Вифак өкмөтү менен Ливия Улуттук армиясы (Хафтар күчтөрү) БУУнун коопсуздук боюнча сүйлөшүүлөрүнө кайтышы абдан жакшы кадам болот. Учурдагы негизги талап: тынчтык орнотуу жана БУУ жетектеген Ливия саясий сүйлөшүүлөрүн кайрадан баштоо үчүн жакшы ниет менен батыраак сүйлөшүүлөрдү баштоо». («Sky News», 2020-жыл, 10-июнь). Америка эки тараптын тынчтыкка макул болушканы туурасындагы кабарды алкыштады жана 2020-жылы 26-октябрда өзүнүн тышкы иштер министри Помпео оозунан мындай деди: «Ливиядагы ок атпоо боюнча келишимге кол коюу кайраттуу кадам. Эми чет элдик согушкерлер ушул келишимге ылайык 90 күндүн ичинде Ливиядан чыгып кетиши керек... Биз Ливиядагы бийликтин жаңы аткаруучу бийликке алмашуусун жана шайлоолорго даярдык көрүшүн колдойбуз». БУУнун Ливиядагы миссияси 2020-жылы 23-октябрда «БУУда беш күнгө созулган сүйлөшүүлөрдөн кийин жаңжалдашып жаткан тараптарды ок атпоо келишимине кол коюшканын» жарыялады. Демек, Америка БУУ аркылуу түздөн-түз дипломатиялык жана саясий жол

менен Ливияга аралашууда. АКШ ушул жол менен абалдын тизгинин колго алууну жана Европа, өзгөчө Британиянын таасирин кыйратууну көздөп жатат.

7 – Ливияда болуп жаткан окуялар – арасында согуштук иштер болуп турган саясий күрөш. Саясий күрөш болгондуктан ал жердеги бардык тараптарды диалог жана келишимдерге бириктирүү, жада калса көрсөтмөлөргө кол коюу үчүн жолугушуу өткөрүү жарышы болууда. Мисалы, Британия Марокконун Бузника шаарында үч тур жолугушуу өткөрдү. Бул «Триполидеги Мамлекеттик Жогорку Кеңеш делегациясы менен Табрук өкүлдөр Ассамблеясынын делегациясы ортосундагы диалог» деген жолугушуу болду. Анын биринчи туру 2020-жылы 6 жана 10-сентябрда эки күн, экинчи туру 2020-жылдын 2 жана 6-октябрда эки күн, үчүнчү туру 2020-жылы 5-ноябрда бир күн болуп өттү. Эки тараптын делегациясы «суверендүү кызматтарды тандоо шарттары» боюнча келишим долбооруна кол коюшту. Ушул жолугушуулардын артында Британия тургандыгы анын малайлары аркылуу жакшы маалым. Бул диалог 2015-жылы 17-декабрда Мароккодо кол коюлган Сухайрот келишиминин 15-беренесин аткарууну макулдоо жөнүндө болду. Марокко борбору Рабаттагы ушул келишимге Триполидеги Ливия өкмөтү тарабынан Мамлекеттик Жогорку Кеңешинин делегациясынын башчысы Фавзий Укаб, Табрук өкүлдөр Ассамблеясынын делегациясынын төрагасы Юсуф Акурий кол коюшту. 15-беренинин 1-пунктунда негизинен ушулар баса белгиленген: «Өкүлдөр палатасы жетекчи кызматтар ээлери боюнча келишим түзүү үчүн Мамлекеттик Кеңеш менен кеңешет жана бул суверендүү кызматтар ушулардан турат: Ливия Борбордук банкынын төрагасы, Мамлекет иликтөө мекемесинин жетекчиси, Административдик көзөмөл органынын төрагасы, Коррупцияга каршы күрөшүү кызматынын төрагасы, Жогорку шайлоо комиссиясынын төрагасы жана анын мүчөлөрү, Башкы судья жана башкы прокурор». Жогорудагы берененин 2-пунктунда «Өкүлдөр палатасынын үчтөн эки бөлүгү ушул

кызматтарды тастыкташы керек» делген. Диалог алып барып жаткан эки тарап ушул жылдын 6 жана 10-сентябрь күндөрү жолугушуулардын биринчи турун өткөрүштү. Алар суверендүү кызматтарды ээлөө механизми жана келишимге тиешелүү процедураларды аткаруу үчүн жыйындарды кайрадан баштоо боюнча кеңири көлөмдүү келишимди түзүштү.

8 – Америка БУУнун Ливия боюнча атайын өкүлүнүн орун басары Стефани Уильямс аркылуу бардык карталарды аралаштырууга киришти. Бул америкалык дипломат Бузникага параллель түрдө «Оболу Ливия» урааны астында Ливия диалогунун жолугушууларын өткөрүүгө чакырды. 2020-жылы 9-ноябрда башталган бул жолугушуунун туру БУУнун демөөрчүлүгүндө 75 Ливия саясий лидерлеринин катышуусунда өлкөдөгү жаңжалдашып жаткан тараптар ортосунда сүйлөшүүлөр катары болуп өттү. Диалог алып баруучу топ: депутаттар, жогоку кеңештин мүчөлөрү, таанымал адамдар, үч регион (Триполи, Киренаика жана Фаззан) өкүлдөрү. Стефани Уильямс 2020-жылы 15-ноябрда мындай деди: «Ливия боюнча Тунисте болуп өткөн диалог абдан жакшы натыйжалар менен бүтөт. Эми кезектеги тур бир апта ичинде онлайн форматта өткөрүлөт. Жакшы натыйжалар шайлоолор күнүн белгилөөдө жана аткаруучу бийликтин функциялары, Президенттик жана Өкмөттүк Кеңешке талапкерлерди көрсөтүү шарттарын белгилөөдө өз тастыгын тапты. Ливия диалогунун катышуучулары сүйлөшүүлөрдүн жетинчи күнүндө ушул үч негизги маселеге келишишти: биринчи маселе, 2021-жылы 24-декабрда өтө турган шайлоолор күнү белгиленди. Бул Ливия үчүн маанилүү күн т.а. мамлекеттин 1951-жылдагы көз карандысыздык күнүнө туура келет. Экинчи маселе, аткаруучу бийликтин укуктары жана Президенттик кеңешке талапкерлерди көрсөтүү шарттары аныкталды. Анткени, талапкерлер жөнөкөй жоопкерчиликтерге ээ болгон, улуттук жарашуу боюнча иш алып барган, түштүк, чыгыш жана батыш региондорду айгинелеген үч мүчөдөн турат. Үчүнчү маселе, катышуучулар Ливия калкына суу, электрэнергия жана башка кызматтарды камсыздоого чектелеген өкмөттүн укуктарын камтыган

вазыйпаларды аткарууга келишишти. Президенттик Кеңеш менен өкмөттүн өзүнчө түзүмдөрү болот. Бул кызматтарга шайлана турган адамдар кыска мөөнөт кызмат кылышат жана алардын ар бири партияларга алакасы болбогон технократ адамдар болот... Көп иш кылуу керек. Он жылдык күрөш-проблеманы бир апта ичинде чечип болбойт... Диалогдун катышуучулары бир апта ичинде видеобайланыш аркылуу жолугушуп, укуктук комиссия тандоо механизмин иштеп чыгышат жана суверенитет маселеси боюнча шайлоолордун конституциялык негиздерин аныкташат». («Анадолу», 2020-жыл, 16-ноябрь). Бул аял Сухайрот келишимин оозго албай, ага бүтүндөй көз жумду, «он жылдык күрөш-проблеманы бир апта ичинде чечип болбойт» деген сөзү менен кудум ишти нөлдөн баштамакчы көрүнөт. Ал бардык маселелерди жаңыдан талкуулап, Сухайрот келишимин расмий эмес түрдө бекер кылууда. Ал Британиянын таасирине чекит коймокчу, эгер мүмкүнчүлүк тапса аны жок кылууга, жок кылууга мүмкүнчүлүк таба албаса, көзөмөлдө кармап турууга аракет кылууда.

9 – БУУнун Ливия боюнча атайын өкүлүнүн орун басары Стефани Уильямс диалогдун ишмердүүлүгүнө тоскоолдук кылгандарды жазага тартуу менен коркутту. Ал: «Бул диалогдун катышуучуларына акча берүүгө урунгандар тоскоолдук кылгандар тайпасына киргизилип, пара берүү жана добуш сатып алуу тууурасындагы маалыматтар боюнча тергөө кылынат», - деди. «Саясий коррупциялык акчалардын аралашуусу болгону белгиленгенин» айтып, «диалогдун катышуучулары кызматтан бошотуу сунушун киргизишкен жок, бирок катышуучулардын көлөмү 61%га жетти, негизи 75% болушу керек эле», - деди». («Шаркул Авсат», 2020-жыл, 17-ноябрь). Бул аял БУУнун өкүлү эсептелсе да, бул бир чүмбөт гана. Түпкүлүгүндө ал Америка саясатынын өкүлү болуп эсептелет жана Америка бул аялдын токтомун АКШ Конгресси аркылуу колдоп-кубаттады. Маселен, Өкүлдөр Палатасы «Ливияда туруктуулукту колдоп-кубаттоо мыйзамы» долбоорун макулдап добуш берди. Бул мыйзамда «Ливия боюнча БУУ

жетекчилигинде өткөн сүйлөшүүлөрдүн мааниси» баса белгиленген жана «мыйзам долбоорунда Ливиядагы нефть запастарын же финансылык уюмдарды мыйзасыз түрдө эксплуатация кылган ар кандай адам же уюмга карата санкцияларды колдонуу талап кылынган. О.э. адам укуктарынын бузулушуна аралашкан адамдарды жоопкердикке тартуу баса белгиленген». («Sky News», 2020-жыл, 19-ноябрь).

10 – Ливия кошмо аскерий комиссиясынын («5+5») эки делегациясы ортосунда тынчтыкка келишүү боюнча сүйлөшүүлөр болуп өттү. Берлин конференциясынан келип чыккан ушул сүйлөшүүлөр да БУУнун Ливия боюнча атайын өкүлүнүн орун басары Стефани Уильямстын колдоосу астында өттү. Бул аял 2020-жылы 4-ноябрда келишимдин беренелери боюнча консенсуска келишилгенин маалымдап мындай деди: «Тынчтыкка келишүү үчүн он эки берене бар. Алардын негизгиси – чакан аскерий комиссия түзүү, комиссиянын вазыйпасы 2020-жылы 23-октябрда кол коюлган келишимдин талабына ылайык, Ливиядагы бардык чет элдик күчтөрдүн «өз өлкөлөрүнө кайтып кетишин» жана күрөшүп жаткан эки тараптын күчтөрүнүн Сирт жана Жуфрадан чыгып кетишин көзөмөлдөө». Стефани «бардык чет элдик күчтөрдүн Ливия жеринен чыгып кетиши үчүн 90 күн белгиледи». («Рейтер», 2020-жыл, 23-октябрь). Эрдоган: «Биз Вагнер сыңары жалданган аскерлер үч ай ичинде Ливиядан чыгып кетеби же жокпу, билбейбиз», - деди. («Рейтер», 2020-жыл, 23-октябрь). Эрдоган Ливия жаатында Россия менен келишип алганы үчүн ушундай деди! Негизи, Америка Россияга бул жана башка күчтөрүн Ливиядан алып чыгып кетиши үчүн басым кылып жаткан жок. Анткени, Америка Ливиядагы жана региондогу максаттарын ишке ашырып алышы керек, кудум Сирияда ишке ашыргандай.

11 – Жогоруда кеңири баяныбыздын кыскача жыйынтыгы:

а) Сарраж өкмөтү Түркиянын колдоосунан Европанын, өзгөчө Британиянын долбоорун ишке ашырууда пайдаланууну көздөдү. Муну Хафтардын күчүн кыйратуу жана анын таасири астындагы аймактарды,

негизинен Сирт жана Жафрадагы таасирин көзөмөлгө алуу үчүн кылмакчы болду. Бирок Түркия АКШ долбоорун ишке ашыруу үчүн Сарражды колдоп-кубаттады, маселен, Сарраж күчтөрү Сирт жана Жафрага жетери менен колдоп-кубаттоону токтотту жана Сарраждан туруктуу тынчтыкка жана Түркия козголоңчу, мыйзасыз деп атаган башка тараптар менен диалогдорду жана сүйлөшүүлөрдү өткөрүүгө макул болуусуну талап кылды! Натыйжада Сарраж эмне кылууну билбей калды. Ал отставкага чыкмакчы экенин жарыялоо менен Эрдоганды кабатырлантууну пландаган эле. Бирок Түркия ага басым кылып, отставкага чыгышына жол бербеди. Европа Эрдогандын Түркиясы Сарражга басым кылууну күчөтүп жатканын көрдү... Ошондо Европа өзүн Эрдогандын бул басымдарына моюн сунбай жаткандай кылып көрсөтүүгө урунуп, Сарраждын отставкасына нааразыдай болду, Сарраждын кызматта турушу – Британия менен Европанын кызыкчылыгы, анын отставкага чыгуу жөнүндөгү билдирүүсүнүн артында европалыктар турушса да!

б) Бул диалогдор жасалма болуп, аларды ири мамлекеттер уюштурушууда. Максат – ушул аркылуу көз каранды мамлекеттерди туткун кылып, алардын проблемаларын чечүү же ого бетер татаалдантуу жана жаңжалдашып жаткан тараптарды бул диалогдорду ишке ашырууга мажбурлоо... Мына ошондо бул ири мамлекеттер өз таасирлерин бекемдешет... Ооба, ошондой, бул диалогдордон проблемаларды туура чечүү көздөлбөгөн. Муну Сухайрот келишими ырастап турат. Британия бул келишимдин башында туруп, аны ишке ашыруу үчүн Сарраж өкмөтүн түзгөн. Мисалы, жакында болуп өткөн Марокконун Бузника шаарындагы жолугушуулар аркылуу Британия Сухайрот келишиминдеги башка беренелерди аткарууга аракет кылды. Бирок АКШнын «БУУ өкүлү» деген чүмбөт астындагы дипломаты Стефани Уильямс тынчтыкка келишүү үчүн Британиянын жолугушуулары менен параллель түрдө эки тараптын ортосунда жолугушууларды өткөрдү. Оболу Женевада жана Гадамис-

Ливияда, кийин Тунисте өткөргөн ушул жолугушууларда бир жылдан кийин шайлоолор өткөрүүгө келишилди. Ошентип, Америка бардык каражаттарын өзүнүн дипломатиялык миссиясын ийгиликтүү бүтүрүүгө сапарбар кылууда. Максаты, Британиянын таасирин кыйратып, Ливиядагы күрөштү жеке өзү башкаруу жана каалаган тарабына багыттоо.

в) АКШ жана Британиядан турган бул негизги күрөшүп жаткан мамлекеттер бир-бирин буттан мүдүрүп, бир-биринин долбоорун кыйратуу аркылуу жеңип чыгуу аракет кыла берет. Ошондуктан, бул мамлекеттердин Ливия калкына коопсуздукту жана тынчтыкты камсыздаган бирер чечим бериши мүмкүн эмес. Жада калса, шайлоолор өткөрүлгөн тагдырда да андан бирер коопсуз корунтуду чечим чыкпайт. Жок, тескерисинче, АКШ менен Европа өз таасирлерин орнотуу үчүн күрөштү улантышат... Ал эми, күрөштүн отуну ливиялыктар болуп кала берет! Ошондуктан, Ливия эли бул сыяктуу тил бириктирүүлөргө каршы чыгышы, бул малайлардын айла-амалына алданбай, иштердин тизгинин алардын колунан тартып алышы жана аны Уммат перзенттери арасындагы аң-сезимдүү калыс таза колдорго тапшырышы керек. Алар Ливияны бүткүл мусулман өлкөлөрүн өз ичине алган Ислам мамлекетинин бир бөлүгүнө айлантууга даярданышы керек.

**25-ноябрь, 2020-м.**

## Мавритания боюнча берилген суроолорго жооп

## Мавританиядагы революция тууралуу

**Суроо:** *Өткөн айдын башында Мавританияда революция болду. Президент Муовия Оулд Тайа мамлекет тышкарысында болгон убакта т.а. Саудиядан кайтып жатканда оодарылды. Бийликти аны менен бирге иштей турган кишилер ээлешти. Ко-ош, бул революция Оулд Тайа (Израил) менен алака орнотуп, улуттук жана исламий аракеттерди бастырганы себептүү кыжырланган калктын каарын басуунун дагы бир жолу экендигин түшүндүрөбү же эски саясий таасир ордуна жаңы таасир келгенин түшүндүрөбү?*

**Жооп:** Оулд Тайа бийликке 1984-жылдагы Оулд Хайдолага каршы революцияда келген эле. Ал убакта Мавританияда Европа таасири үстөм эле. Себеби, ал Франция колониясы эле. 1998-жылдын баштарына чейин ушундай болду. Кийин Америка аны жана башкы штаб башчысы полковник Валад Саййид Алийди өзүнө оодуруп алды. Ушуну менен Мавритания Америка таасири астында жөөт мамлекети менен алакаларды нормалдаштыруучулар сабына кошулду. Ушул себептүү, Оулд Тайа терроризмге каршы америкача күрөшүү шылтоосунда Исламий жана Европаны жактоочу жамааттарга каршы чабуул уюштурду. 2003-жылдын майында Дорул Байзо жана Рияздагы жардыруулар шылтоосунда исламийлерге каршы кең көлөмдө коопсуздук чабуулдары болду. Жардырууларды исламийлер менен байлоого урунду. 2003-жылдын июнунда эле улутчул офицерлер тарабынан революция уюштурулган эле. Революционерлер президенттин турагын жана башкы штаб башкармалыгын басып алып, жеңишке жетишүүлөрүнө аз калган эле. Оулд Тайа качууга жетишип, аны Америка жана (Израил) революционерлерге каршы аскердик операциялар уюштуруу аркылуу куткарып калган эле. 36 саат гана жашаган көтөрүлүш бастырылып, Оулд Тайа дагы бийликке кайткан эле. Ошондо айып Ливияга төңкөлдү. Негизи, бул революция артында Европа турган эле. Анткени, Оулд Тайа өлкөнү Америка көрсөтмөсү менен башкарар эле.

Ошентип, Оулд Тайа өкүмдарлыгын улантып, Американын дагы катуурак байланды. Аскердик тармакка кыйла жаңылыктар киргизди. Кийинирээк Америка кошууну Сахрои Кабирдин түштүгүндө жээк регонунда терроризмге каршы күрөшүү шылтоосу менен аскердик машыгуулар өткөздү. Бул машыгууларга экинчи дүйнөлүк согуштан бери Африка күбө болбогон эң ири манёврлар деп баа берилди. Оулд Тайа 2005-жылкы 3-августтагы революцияга чейин өкмөт тизгинин кармап келди. Революция учурунда ал мамлекет тышкарысында болуп, Саудия королу Фахддын таазиясынан кайтып жаткан эле.

Революция жараянын күзөткөн адам төмөнкүлөргө туш келет:

1. Революция башталышы менен 3-август күнү таңкы саат $3:^{00}$дө революцонерлер башкы штаб башкармалыгы тарапка багыттанышып, башкы штаб башкармалыгынын башчысы полковник Валад Сайийд Алийди колго алышты. Аны мурдатан жакшы таанышканы себептүү, аны менен сүйлөшүү алып барышпады. Башкармалыктын бир нече офицерлерин үй камагына тыгышты.

2. Коом коопсуздугунун башчысы Аъло Валад Мухаммад Фолдун үйүнө барып, аны камал кылышты жана ага революцияга жетекчилик кылууну сунуш кылышты. Анткени, аларга чоң офицер, ошол эле учурда, саясий умтулууларсыз өз ишин зыңылдатып аткара турган адам керек эле. Ал сунушту кабыл алды жана аскердик кеңеш башчысы кылып дайындалды. Ушул революция жеңишке жетишти.

3. Мавританиядагы Мухаммад Амин башчылыгындагы элдик фронт бул революцияны алкыштады. Мухаммад Амин Европа «эркатайы».

4. Америка революцияны каралады жана президент Муовия Оулд Тайанын бийликке кайтышын ачыктан-ачык талап кылды. Том Кейси Мамлекеттик департамент атынан «Президент Оулд Тайа өкмөтү режими кайра орнотулушуна чакырабыз», деди. Америка Африка союзу революционерлер менен алакаларды жакшыртуу жөнүндө билдирүү чыгарганга чейин революцияны каралоодон токтободу. Кийин 2005-жылы 8-августта Мамлекеттик департаменттин сүйлөөчүсү Адам Эрели ушундай билдирүү берди: «Африка союзу бул өлкөдөгү окуялардын өнүгүшү жөнүндө билдирүү чыгарды. Биз да анын көз карашына кошулабыз».

5. Франция болсо жалпы кеп менен «Демократияны жана мыйзамдуу конституциялык чөйрөнү урмат кылууга» даъват кылды.

6. Россиянын тышкы иштер министрлиги этият билдирүү берип: «Абалдын тезинен конституциялык жол менен, Мавритания калкынын

пайдаларына кызмат кыла турган түстө күч иштетилбестен чечилишине» үмүт билдирип коё калды.

7. Британия болсо революцияны этибарды тарта турган даражада колдоо үчүн өз малайларын ишке салды. Марокко дароо 2005-жылы 4-августта тышкы разведка жетекчиси Ясир Мансурийди Нуакшотко жиберди. Ошондон кийин Ливия тышкы иштер министри Абдурахман Шалкам визит жасап, революция жетекчиси менен учурашкан соң, мындай билдирүү берди: «Мавритания калкынын каалоосу эсепке алынышы керек». Аскердик кеңеш башчылыгынын сөздөрүн уккандан кийин, бул жердеги абал кишиде «Мавритания калкы революцияны колдоп-кубаттай баштаптыр деген таасир калтырат», - деди. «Ливия Мавритания калкы эмнени колдоп-кубаттаса, ошону колдоп-кубаттайт», - деп кошумча кылды ал.

Жогорудагылардан көрүнүп тургандай, Оулд Тайанын каршы революция олуттуу революция болгон. Т.а. ал адамдардын орун алмашышы эмес, саясаттагы өзгөрүү. Эгер ал адамдардын орун алмашышы болгондо, кошуун штабы өз абалында калып, болгону, өкмөт гана өзгөрөр эле. Башкы штаб башчысынын камакка алынышы жана башка офицерлердин үй камагына салынышы өзгөрүүнүн чындыгын көрсөтүп жатат. Мындан тышкары, эл аралык позициялар т.а. Америка жана Европанын позициясы, ички позициялар т.а. элдик фронттун позициясы да революциянын олуттуулугун, Франция жана Британия жетекчилик кылганын, Америка ушул баскычта Мавританияны колдон чыгарганын көрсөтүп жатат. Ушул баскычта деп жатканыбызга себеп, Мавритания Америка үчүн бул регионго өз таасирин өткөзүүдө маанилүү эсептелет. Себеби, Мавритания Американын бул региондогу куралы болгон «Полисарио» үчүн бир таяныч. Мавритания колдон чыккан соң, «Полисарио»дон башкасы калбады. Эми анын таасир күчү мурунку Мавритания тарабынан колдоп-кубатталган убактагыга караганда алсыз болот.

**23-Ражап 1426-х. 28-август 2005-м.**

**Мавританиядагы аскерий төңкөрүш тууралуу**

**Суроо:** *2008-жылы, 6-августта Мавританияда аскерий төңкөрүш ишке ашырылды. Бул төңкөрүш республиканын коргоо министри генерал Мухаммад Валад Абдулазиз башчылыгында президент Саййид Мухаммад Валад шайх Абдулланын жана премьер-министр Яхя Валад Ахмад ал-Вакифге каршы ишке ашырылды. Төңкөрүш 2007-жылы, март айында армиянын уруксаты менен өткөрүлгөн шайлоолордон 16 ай өткөндөн кийин ишке ашты. Бул шайлоодон эки жылдай мурун да т.а. 2005-жылы армия Муавия Валад ат-Тойеъге каршы төңкөрүш жасап, аны оодарып таштаган эле. Армия полковник Али Валад Мухаммад башчылыгында башкарууну колго алган болчу. Ал кийинчерээк шайланган өкмөткө башкарууну тапшырышы тууралуу берген убадасын аткарды. Азыркы төңкөрүштүн акыйкаты жана ал алып келген нерсе эмне?*

**Жооп:** Колонизатор Франция катуу каршылыктардан кийин Мавританиядагы мусулмандардын үстүнөн жеңишке жетишти. Бул 1920-жылы болуп, Франция Мавританияны өзүнүн колониясы деп жарыялаганын. 1946-жылы аны деңиз артындагы Францияга көз каранды вилаят деп жарыя кылган. Чындыгында болсо, бул колонизаторлор бул жерде 1960-жылга чейин калышып, ага тышкы көрүнүшүнөн эркиндик беришти. Бирок, алар бул жерде иштерди өздөрү башкарышып, Мавритания үчүн өздөрүнүн акыйдаларына ылайык армияны о.э. өздөрүнүн сакафаты менен суугарылган офицерлерди жетиштирип чыгарышты. 1978-жылдан тартып ыңкылаптар башталып, французлар дайындаган Мухтар Валад Дод анын каршы болду. Төңкөрүштөр арты-артынан уланып, бүгүнкү күнгө чейин алардын саны бешке жетти. Бул ишке ашпаганын төңкөрүштөрдөн тышкары, ишке ашпаганын төңкөрүштөр отуз жылдын ичинде тогуз жолу болгон.

Акыркы төңкөрүш коргоо министри генерал Мухаммад Валад Абдулазиз башчылыгында – президент Саййид Мухаммад Валад шайх Абдулла бул генералды коргоо министрлигинен, штаб башчысы Валад

Газвонийди жана полиция башчысын бошотуу жөнүндө буйрук чыгаргандан кийин – ишке ашты. Акыйкатта болсо, президент Валад шайх Абдулла аларды полковник даражасынан генерал даражасына көтөргөн эле. Бул нерсе президенттин алардан ыраазы экендигин, же алардын басымы астында экендигин, же алардын достугуна жетишүү үчүн даражаларын көтөрүү менен аларды ыраазы кылууга аракет кылгандыгын түшүндүрөт. Акыркы күмөндүн ыктымалы күчтүүрөөк.

Президенттин армия жетекчилеринин башкарууда күчтүү таасирге ээ экендиктерин билип туруп аларды тез жана оңой гана бошотуп жиберүүгө аракет кылышы кызык! Негизи, ал шайлоолор аркылуу жакында эле шайланган биринчи президент болчу! Ал күчтүү орунга жетиштим, демократия деп аталып жаткан нерсе себептүү ичкериде да, тышкарыда да мени колдошот жана өзүн Америка колдоп жатканын сезип тургандыгы үчүн Франция офицерлерди колдоп-кубаттабайт деп ойлогон болсо керек.

Франциянын биринчи мамилеси тышкы иштер министрлигинин расмий сүйлөөчүсү Роман Нодалдын мына бул сөзү болду: «Биз Нуакшоттогу элчиканабыз менен үзгүлтүксүз байланыштабыз. Башка шериктерибиз менен келишкен абалда абалды күзөтүп турабыз». Ал дагы: «Азыр абал тууралуу айтууга эрте», - дейт. Мавританияда аскерий төңкөрүш болгондугун жарыя кылган да Франция болду. Төңкөрүш башчысы менен биринчи болуп учурашкан элчи да Франция элчиси болду. Булардын бардыгы Франциянын төңкөрүш болушун алдын ала билгендигине далалат кылат. Кабарларда келишинче Франция төңкөрүш жүз беришинен эң кеминде эки саат мурун кабардар болгон.

Ал эми, Американын мамилесине келсек, ал төңкөрүштү айыптады, дүйнөдөгү башка мамлекеттерди да бул төңкөрүштү айыптоого чакырды жана Европа комиссариатын төңкөрүштү айыптаганын менен куттуктады. Африка союзу да ушундай жолду карманды, президент Валад шайх Абдулла жана премьер-министр Яхя Валад Мухаммаддын азат кылынып, мыйзамдуу

шайланган өкмөттүн дароо башкарууга кайтарылышын талап кылды. О.э. Мавританияга гуманитардык жардамдарды да токтотуп коюшун жарыялады.

Бирок, бир күн өткөндөн кийин Франция Европа союзунун төрагасы катары берген билдирүүсүндө: «Европа союзу жыйынынын кеңеши Мавританияда генерал Мухаммад Валад Абдулазиз ишке ашырган төңкөрүштү катуу каралайт» деп айтылды. Көрүнүп тургандай, Франциянын атынан эмес, балким, Европа союзунун атынан келген бул айыптоо кечигип келди. Төңкөрүштөрдү колдоп-кубаттоо саясаты жана демократия Европа союзу мамлекеттеринин позицияларына – айрыкча, Америка бул төңкөрүштү айыптап, башкалардан да айыптоону талап кылып тургандан кийин – туура келбейт окшойт... Анткени, Европа биз төңкөрүштү колдоп-кубаттайбыз деп айта албайт – эгер, ошентип айтса – тынымсыз мактап жаткан демократиясына тескери болуп калат.

Британия тарабынан бул төңкөрүшкө – газеталарында да, маалымат каражаттарында да – мамиле билдирилбеди. Бул нерсе анын бул төңкөрүштөн тынчсызданбаганына далалат кылат. Анткени, Британия төңкөрүштү айыптаганын да, колдоп-кубаттаган да жок, каршы же анын пайдасына бирер сөз тараткан да жок, ал тургай тынчсызданып да койгон жок, кудум, демократияга болгон каршылыгы жана төңкөрүш менен бирге экендиги ачылып кала тургандай!

Мавританиядагы бул төңкөрүш республика президенти, анын премьер-министри менен армия ортосунда пайда болгон келишпөөчүлүктөн кийин жүз берди. Анткени, армия парламент жыйыны жана шейхтер жыйыны мүчөлөрүнөн президенттин «адилеттүү партия» деп аталган партиясынан отставкага чыгышын талап кылып, тартипсиздикти чыгарды. 2008-жылы, 5-августта 48 мүчө партиядан чыгышты. Ошондон кийин президент армия жетекчилери жана алардын башчысын, акыркы төңкөрүшкө башчылык кылган Мухаммад Валад Абдулазизди ээлеген кызматынан бошотту. Армия жетекчилери өздөрүнүн бошотулгандыктары тууралуу токтомдорду

туура эмес деп кабыл алышып, төңкөрүштү уюштурушту.

Парламенттеги кризис 2008-жылы, 30-июнда депутаттар өкмөттү коррупцияга баткандыкта айыптап, ага ишенимсиздик билдиргенден кийин башталды. 2008-жылы, 1-июнда отчёттор чыкты. Анда: парламенттеги бул депутаттардын артында Франция тургандыгы о.э. ал өкмөт жана президенттин алып барып жаткан ишинен наразы экендиги, алар өзү көрсөтүп белгилеп берген жол менен жүрбөгөнү айтылган. Анда Франция ыраазы болбогон кээ бир себептер да айтылып, алар: салафий агымына тиешелүү мусулман туткундарды азат кылуу, «исламчылар» деп этибар кылынып жаткан партияга уруксат берүү, президенттин өз сарайында мечит кургандыгы себептүү өзүнүн динге ыктагандыгын көрсөткөндүгү, жөөт мамлекети менен мамилелерге катуу киришкени жана ушул себептүү эл арасында бул мамилелерди үзүү тууарасында референдум өткөрүлүшүнүн мүмкүндүгү о.э. Мавританияда Американын таасири күчөп барышы сыяктуулар, мына ушул акыркысы негизги себеп болсо керек.

Жыйынтык: Жогоруда айтылган  нерселерден ушуну айтууга болот, бул жерде президент тарабынан Франция ыраазы болбой турган иштер көрүнө баштаган. Мына ушул нерсе офицерлерди төңкөрүштү ишке ашырууга үндөгөн. Америка болсо президенттин Франциянын бул жерде турушуна каршы алып барып жаткан иштерине ыраазы эле. Т.а. Американын Мавританияда өз таасирин күчөтүп баруу аркылуу Франция таасирин жоготуп, анын ордуна өзү отурууга даярдык көргөн болчу. Ошондуктан, Американын планы армия башкаруусунан кутулуп, алардын ордуна өзү башкара ала турган офицерлерди алып келүү жана Францияга ыктаганын офицерлерди башкаруудан алыстатуу эле.

## Малайзиядагы шайлоо тууралуу

**Суроо:** *2018-жылы 9-майда Малайзияда шайлоо болуп өттү. Шайлоо натыйжасында Нажиб (2009–2018-жылдары премьер-министр болгон) премьер-министрликтен бошоду жана премьер-министрликке Махатхир Мухаммад (1981–2003-жылдары жана 2018-жылы премьер-министр болду) кайтты. Белгилүү болгондой, Махатхир Мухаммаддын жашы токсондон ашкан. Ушул шайлоолордун артында белгилүү бир план тургандай туюлууда. Бул жерде тышкы факторлор барбы, же, айтылып жаткандай, бул жергиликтүү демократиялык оюнбу?*

**Жооп:**

1 – Малайзия – Малакка жарым аралынын түштүк бөлүгүн жана Калимантан аралынын түндүк бөлүгүн өз ичине камтыйт. Бул аралдарды Түштүк Кытай деңизи бөлүп турат. Бул региондо миладий 13 кылымда мусулман соодагерлер аркылуу Ислам жайылган. Ал жерде Ислам катардагы адамдардын арасында жайылышынан мурун оболу акимдер жана элита өкүлдөрү Исламды кабыл алышкан. Монголдордун баскынчылыгы себептүү кургактык соода жолдору үзүлүп калгандан кийин – деңиз соода жолун күчөткөндүктөн – Малай аралында жайгашкан Малка султандыгынын аброю көтөрүлдү. Миладий 15 кылымда Султандык Кытай таасиринен чыгып көз карандысыздыкка жетишти жана бат эле Исламды кабыл алды. Ушул султандык кубатка жана абройго ээ болгондуктан региондо Ислам тез жайылды. Бирок, 1511-жылы регионду Португалия колонизаторлору басып алды. Анткени, парага сатылган адам португалдарга чептин дарбазасын ачып берген. Кийин 1641-жылы голландиялыктар келди. Британия бул жарым аралдагы колонизаторлукту 1786-жылы баштады. Британия колонизаторлукту соода келишимдерин түзүү жана портторду ижарага алуу о.э. өзүнүн стратегиясы аркылуу ишке ашырды. Британиянын стратегиясы жергиликтүү калк түрдүү тектерден түзүлгөндүгүнөн пайдаланып, аларды амалий акимдерге айлантуу, ошону менен бирге, сакталып калган

султандарды шарттуу акимдер катары кармап туруугa негизделген. Жарым аралдагы Малакка союзу 1957-жылы британиялыктардан расмий түрдө көз карандысыздыкка жетишти. Малакка союзу Калимантан жарым аралы жана Сингапур менен бириккенден кийин 1963-жылы Малайзия мамлекети түзүлдү. Бирок, 1965-жылы Малайзия парламентинде добуш берүү аркылуу Сингапур Малайзиядан бөлүнүп чыкты.

2 – Жада калса, эгемендүүлүктөн кийин да Малайзияда Британиянын саясий өкүмдарлыгы уланып келе жатканы анык. Мисалы:

а) Малайзия «Британия кызматташтыгына» жана «Кошулбоо» кыймылына мүчө болду. Малайзия бул кыймылга 2003-жылы кошулду. О.э. Малайзия Түштүк-Чыгыш Азия калктарынын робитасы жана Исламий конференция уюмунун негиздөөчү мүчөсү. Премьер-министр Тунку Абдуррахман (1963–1970) уюмдун биринчи башкы катчысы болгон.

б) Британия Чыгыш Сувайштан (Сингапурдагы аскерий базасынан) чыгып кеткендан кийин 1971-жылы Бириккен Королдук, Австралия, Жаңы Зеландия, Малайзия жана Сингапур мамлекеттери ортосунда беш тараптуу коргоо келишимине кол коюлду. Ушуну айтып өтүү орундуу, 1971-жылы Австралияны либерал партия башкарган. Бул партия жыйырманчы кылымда британиялыктарга жан тарткан.

в) Премьер-министр Махатхир Мухаммад Америкага жан тарткан Азия-Тынч океаны экономикалык кызматташтык уюмун (АРЕС) түзүүгө каршы чыккан. Бул уюмду түзүү иштерин 1989-жылы Америкага берилген «Жумушчулар (лейбористтер) партиясынын» башчысы Роберт Хоук жетекчилигинде Австралия баштаган. 1993-жылы Кошмо Штаттардын Сиэтл шаарында болуп өткөн АРЕС уюмунун саммитине Махатхир келбегендиктен лейбористтер партиясынын жетекчиси Хоук жана премьер-министр Пол Китинг аны «козголоңчу» деп аташкан.

г) Махатхир Мухаммад 1997-жылы АРЕС уюмуна альтернатива катары Америка жана Австралия кошулбаган Чыгыш Азия экономикалык

коомун түзүүнү сунуштады. Бирок, бул идея ийгиликсиздикке учурады жана кийинчерээк ал Түштүк-Чыгыш Азия мамлекеттеринин кызматташтык саммитине өзгөртүлдү. Бул саммит Австралияны да өз ичине алды. Бирок, ал Британияга берилген премьер-министр Жон Говард башчылыгында болду. Ошону менен бирге, бул бирикмеден Америка четтетилди. Америка менен Россия 2011-жылда гана бул бирикмеге кошула алды.

3 – Британия Америка Малайзиянын мурунку премьер-министри Нажиб Раззакка кызыгып жатканын сезди жана ал Малайзиянын Британияга берилген мурунку өкмөттүн премьер-министри болушуна карабастан, анын Америка тарапка бурулуп кетишинен коркту. Британиянын тычсызданууcунун айрым белгилери:

а) Барак Обама 2014-жылы апрель айында Малайзияга сапар кылды жана ал болжол менен 50 жылдан бери Малайзияга сапар кылган биринчи Америка президенти болду. Обама Малайзия-Америка мамилелерин «ар тараптуу кызматташуу» деңгээлине көтөрүүгө чечим кылды жана бул Обама кабыл алган «Азия огу» саясатынын бир бөлүгү болду.

б) Нажиб менен Обама 2014-жылы декабрь айында Гавайиде достор катары бирге гольф ойношту... Обама 2015-жылы ноябрда Малайзияга экинчи жолу сапар жасады.

в) Нажиб Америка демилгеси болгон Тынч Океаны Кызматташтык союзун (TPP) түзүү демилгесин катуу колдоп-кубаттады жана бул союзга Америка да кошулуусун абдан талап кылды. Америка Трамп доорунда TPPден чыгып кетти, ошондо Нажиб соода программасын улантуу үчүн Япония менен бирге иштеди. «Кошмо Штаттардын чыгып кетиши артынан бузулууга жакын калган TPPде 11 мамлекет кайра кошулду жана мында Вьетнам менен Малайзия негизги ролду ойношту. Себеби, Кошмо Штаттар чыгып кеткенден кийин TPP дээрлик кулоого жакын калган эле». (https://asia.nikkei.com/Economy/Vietnam-and-Malaysia-play-vital-roles-in-making-TPP- 11-).

4 – 2018-жылдагы шайлоолордун жакындашуусу менен чамасы Британия бийликке кайтуу үчүн оппозиция платформасынан пайдаланып жаткан анын эски кызматчысына жана «күйөрманына» кайра дагы жүздөнүп жаткан көрүнөт. Негизи, ошондой эле болду... Учурда, Малайзия Британия саясатына ээрчип Америка саясатынан алыстоосу жана Американын региондогу аралашуусуна чек коюу үчүн кайра иш-аракет башташы күтүлүүдө.

### Мали тууралуу берилген суроолорго жооптор

**Суроо:** *2012-жылы 22-мартта Малиде кичүү мартабадагы офицерлер президент Амаду (Ахмаду) Тумани Туреге каршы аскерий төңкөрүш жасагандыгы жарыя кылынды. Төңкөрүш жасагандар «Демократиялык реформа жана мамлекетти кайра куруу улуттук комиссиясы» деп наам берген нерсенин расмий өкүлү лейтенант Амаду Конаре ыңкылап билдирүүсүн Мали телевидениеси аркылуу окуп уктуруп: «Бул комиссия жоопкерчиликти өз мойнуна алууга жана ылайыксыз Амаду Тумани Туре режимине чек коюуга токтом кылды», - деди. Белгилүү болгондой, президент Тумани Туренин экинчи президенттик доору келерки айда бүтөт, конституция боюнча ал үчүнчү жолу өз тарапкердигин коюуга акысы жок...*

*Ошондой болгон соң, аны келерки айда конституциялык жол менен алып таштоону күтүп туруунун ордуна аны төңкөрүш жасап алып таштоого ушул офицерлерди эмне мажбур кылды? Ал, жергиликтүү окуябы же анын артында бирер эл аралык тарап турабы? Эгер ушундай болсо, ал тарап ким? Аллах силерди жакшылыктар менен сыйласын.*

**Жооп:** Туура, кулатылган президент Амаду Тумани Туре 2002-жылы шайланган, 2007-жылы кайра шайланды, ошондуктан, анын экинчи президенттик мөөнөтү келерки айда бүтүп, ошол айдын жыйырма тогузунда шайлоо өткөрүлүшү керек эле. 1992-жылы иштелип чыккан Мали конституциясы боюнча президент үчүнчү жолу өз талапкердигин коё албайт.

Кала берсе, кулатылган азыркы президент өз талапкердигин үчүнчү жолу коюу ниетинде экенин да жарыя кылбаган. Ошондуктан, аны конституцияны бузган деп айыптоого эч кандай негиз жок эле. Бул болсо, «ылайыксыз президентти алып таштоо» деген жагдайын алганда ушул төңкөрүштү актоо мүмкүн эместигин түшүндүрөт. Себеби, президенттин мөөнөтү бир айдан кийин бүтөт. Демек, ушунча тартипсиздиктерди чыгарууга эч кандай негиз жок эле!

Бирок, бул ишти ар тараптуу кылдат карап чыксак, бир эл аралык тарап мына ушул офицерлерди төңкөрүш жасоого тукурганы айкын болот. Максат, жаңы президенттик шайлоо келерки айда белгиленген убакытта өтүшүнө жол бербөө жана мына ошондон кийин жаңы саясий абалды жаратуу болгон... Ал эми, бул кандай болгонуна жана ошол эл аралык тарап ким экенине келсек, төмөндөгү нерселерди карап чыгуудан кийин бул нерсе ачык-айкын болот:

1 – Төңкөрүшкө башчылык кылган капитан Амаду Хая Саного Испаниянын «EFE» агенттиги менен 2012-жылы 23-мартта өткөргөн маекте өзү жана кесиптештери ишке ашырган бул төңкөрүштү «зарыл болгон кадам» деп атап, бийликти мамлекеттеги бардык күчтөр ортосундагы кеңешүүлөрдөн кийин түзүлө турган жаңы өкмөткө тапшыруу ниетинде экенин айтты. Анын айтымында, ал бийликте калууну каалабайт, ал жана анын шериктери бул төңкөрүштү Малиде бузгунчу режим он жыл өкүм сүргөндөн кийин өзгөрүү жасоо үчүн ишке ашырышып, бул жерде кулатылган президент менен диалог алып баруу учуру калбаган имиш, ошондуктан, армия командачылыгы курал көтөрүүгө токтом кылган имиш. Ал бардык нерсе дагы да жаманыраак тарапка карай бара жатканын баса белгиледи. Анын бул сөздөрү ишеничсиз болду. Себеби, шайлоо келерки айда өтүшү керек эле. Демек, ал ишке ашырган бул төңкөрүштү актаган эч кандай негиз жок. Муну, ал өзү жактырбаган жетекчини бийликке келтирбөө үчүн шайлоонун өтүшүнө жол бербөөнү гана максат кылган деп түшүндүрүү мүмкүн. О.э. 1992-жылдан бери саясий күчтөр ортосунда эч кандай күрөш да

көзгө урунбаган. Ошондуктан, шайлоо жараяны табигый түрдө болуп жаткан...

2 – Франция биринчилерден болуп бул төңкөрүшкө каршы кескин реакция билдирди. Себеби, Франция бул төңкөрүштү катуу каралады, Франция тышкы иштер министри Ален Жюппе Малиде шайлоону мүмкүн болушунча жакыныраак убакытта өткөрүү зарылдыгына чакырды. Жюппе Франция «Мали менен ар кандай кызматташтыгын токтотконун, гуманитардык жардамдарды гана улантышын» билдирип «Биз терроризмге каршы күрөш жаатындагы ишибизди улантабыз» деди. (Франс-Пресс, 2012-жыл, 22-март).

Франциядан кийин Европа Союзу да реакция билдирди. Европа Союзунун тышкы иштер министри Кэтрин Эштон айымдын өкүлү Майкл Манн: «Биз аскерийлердин бийликти ээлеп алышканын жана конституцияга бөгөт коюлганын каралайбыз... Түзүм жана конституция мүмкүн болушунча тезирээк кайра тургузулушу зарыл», - деп билдирди. (Франс-Пресс, 2012-жыл, 22-март).

Ошол күнү эле Франция менен Британия шаша Коопсуздук Кеңеши тарабынан бул төңкөрүштү кескин каралаган жана конституциялык түзүм менен шайланган өкмөттү кайра тикелөөгө чакырган резолюциянын чыгарылышына аракет кылды... Ошондон кийин Британия элчиси Марк Лайалл Грант – белгилүү болгондой, азыр Британия Коопсуздук Кеңешине башчылык кылууда – мындай деди: «Малиде конституциялык түзүм жана демократиялык жол менен шайланган өкмөт тезинен кайра тургузулушу керек... Коопсуздук Кеңешинин он беш мүчөсү Малидеги төңкөрүштү катуу каралашат». Бул болсо, ушул төңкөрүш Франция жана аны менен бирге европалыктардын пайдасына болбогонуна далалат кылат. Ошондуктан, европалыктар өздөрүнүн Африкадагы таасирлерин сактап калуу үчүн Францияга кошулуп бул төңкөрүшкө каршы чыгышууда. Себеби, бул төңкөрүш алардын таасирине каршы багыттандырылган.

3 – Ал эми, Америка болсо, Франция жана Европадан кийин реакция билдирип, бул төңкөрүштү «негизсиз» каралагандай болду! Себеби, Америка мамлекеттик катчынын өкүлү Виктория Нуланд аркылуу: «Азыр абал белгисиз бойдон турат жана ылдамдык менен өзгөрүп барууда... Биз арыздануулар зомбулук жолу менен эмес диалог аркылуу чечилиши керек деп билебиз», - деп билдирди. (ВВС, 2012-жыл, 22-март). БУУнун башкы катчысы Пан Ги Мун да ушуга окшогон сөздү айтты. Себеби, ал билдирүү чыгарып, «токтоолукка жана келишпөөчүлүктөрдү демократиялык жол менен чечүүгө» чакырды. Америка өкүлдөрүнүн сөздөрү Америка бул төңкөрүштөн тынчсызданбаганына далалат кылып турат. Американын саясаты боюнча жүрө турган БУУнун башкы катчысы Пан Ги Мундун билдирүүсү да ушуга, аныгы, ичинен колдоп-кубаттоого далалат кылып жатат. Себеби, Американын мамлекеттик катчысынын өкүлүнүн «арыздануулар диалог аркылуу чечилиши керек» деген сөзү о.э. Пан Ги Мундун сөздөрү Америка шайланган өкмөт менен ыңкылапчыларды бирдей, бири-бирине тең деп билип жатканын жана арыздануулар бар деп ыңкылапчыларга козголоң көтөрүү жана төңкөрүш жасоо укугун берип жатканын көрсөтүп турат.

4 – Америка соңку кездерде Мали менен Мали күчтөрүн «терроризмге» каршы күрөш боюнча машыгуудан өткөрүп берүү жана козголоңчу жамааттарга каршы күрөшкө алакадар тактикалык машыгууларды өткөрүүгө тиешелүү келишимдерди түзүү аркылуу Малиде өз таасирин орнотууга аракет кылып жаткан болчу. Ушул максатта офицерлер тандалып Америкага жиберилип жаткан. Кылым сайты 2012-жылы 24-мартта кабардар Америка булактарына таянып билдиришинче, атын атоону каалабаган бир америкалык дипломат төмөнкүлөрдү айткан: «Төңкөрүшкө башчылык кылган капитан Амаду Хая Саного тандалган офицерлер арасынан Кошмо Штаттарда терроризмге каршы күрөш боюнча аскерий тажрыйба алуу үчүн Америка элчилиги тарабынан тандап алынган». Ал кошумчалап:

«Саного атайын иштер менен Америкага бир нече жолу сапар кылган...», - деди.

5 – Франция Мали менен саясий, аскерий жана экономикалык кызматташтыгын о.э. жардамдарын токтотуп койгон учурда Кошмо Штаттар муну токтотуп коюуну жарыя кылбады. Американын Малиге бере турган жардамдары жылына 137 миллион долларга жетет. Тескерисинче, Американын мамлекеттик катчысынын өкүлү Виктория Нуланд «Америка Малиге бериле турган Америка жардамдарын токтотуп коюу туурасында токтом кабыл албаганын» баса белгиледи (ал-Жазира, 2012-жыл, 3-март). Бул болсо, Франция бул төңкөрүштөн канчалык тынчсызданып жатканын, Америка болсо тынчсызданбастан, тескерисинче, бул төңкөрүшкө тымызын ыраазы экенин көрсөтөт.

6 – Биз жогоруда айтып өткөн бардык нерселер Малиде жүз берген бул төңкөрүштүн артында Америка турганын көрсөтүп турат. Америка бул исламий өлкөгө өз таасирин жайып, дагы эле өз таасирин сактап келе жаткан эски колонизатор Францияны сүрүп чыгармакчы. Америка Малидеги саясий күч Францияга көз каранды болгондуктан шайлоону кечиктирмекчи болду. Америка бул төңкөрүш аркылуу оюнду француз саясаты боюнча түшүнгөн Франциянын малайларынан турган оюнчуларга «сокку» берди. Ушундай көрүнүштө Америка аскерийлердин аракетин иш жүзүндө өз чеңгелинде кармап туруу аркылуу Малини өзүнө байлап алууда. Ошондуктан, Франция жараткан эски саясий күчтүн жаңы абалды жеңиши кыйын. Аша барса, бул саясий күч Америка таасири астындагы жаңы бийликте күчсүз түрдө катышуусу гана мүмкүн.

7 – Мали исламий өлкө болуп, анын калкы Исламга киргенине жүздөгөн жылдар болду. Азыр анын калкынын эң көп бөлүгүн т.а. 90%ынан көбүрөөгүн мусулмандар түзүшөт. XIX кылымдын аяктарында француз колонизаторлор Малини басып алып, 1904-жылы аны өздөрүнө кошуп алышканын жарыя кылышкан. Ал эми, 1960-жылы Малиге үстүртөн

эгемендүүлүк беришкен болду. Мали алтын, фосфат, калий, боксит, темир, уран жана башка көптөгөн кендерге бай өлкө. Ошондуктан, акыркы убактарда Мали үстүндөгү эски колонизатор Европа, айрыкча, Франция менен жаңы колонизатор Американын ортосунда күрөш абдан күч алды.

Ошентип, дагы бир исламий өлкө көз алайткан ар кандай колонизатор үчүн талап-тоноло турган олжого айланды. Буга, мусулмандардын бытырандылыгы жана Исламдан башка нерсени өкүмдар кылып алышканы себеп. Негизи, мусулмандар ушунча кор болушкандан кийин өз азиздигин кайра тикелей турган, бытырандылыгын жоюп, бириктире турган Халифалык мамлекетин кайра тикелөөгө аракет кылуулары керек эле. Мунун ордуна алар элүүдөн ашык мамлекетке бөлүнүп кетишкенин көрүп турасыңар. Бул мамлекетчелердин акимдери адамдар иштери жөнүндө кайгырышпайт, тескерисинче, колонизатор кафирлердин кызыкчылыктарын гана ишке ашырып беришет... Ошондуктан, мусулмандар өздөрүн азиз кыла турган нерсени жоготушуп кор болуп калышты, башка үммөттөр аларга кудум жырткыч сымал кол салып жатат. Акыйкатта болсо, мурун мусулмандар дүйнөгө жиберилген жакшылык элчилери эле, дүйнөгө акыйкат рисалатын даъват жана жихад аркылуу жеткиришчү... Расулуллах с.а.в. абдан туура айткан:

«**Жеп тойбос ачкөздөр өз табагына жулунганы сыяктуу жакында улуттар силерге жулкунат**, деди. Ошондо бир киши, я Расулаллах, ошол убакта саныбыз аз болгонунан ушундай болобу? – деди. Ал зат: **Жок силер ал убакта көп болосуңар. Бирок, селдин көбүгү сыяктуу көбүккө окшойсуңар. Аллах душманыңардын жүрөгүнөн силерден болгон коркууну алып коёт, силердин жүрөгүңөргө болсо вахнды салат,** деди. Ошондо: Вахн эмне? – деп суралганда, ал зат: **Дүйнөнү жакшы көрүү жана өлүмдү жаман көрүү**, деп жооп берди». Абу Давуд Савбандан риваят кылган.

Ошондой болгон соң, Аллах жолунда дүйнөнү жакшы көрүүнү жана өлүмдү жаман көрүүнү четке таштап, Расулуллах агажабыр көрсөтүүчү залим падышалыктан кийин рошид Халифалыктын кайра кайтышы жөнүндөгү башаратын жүзөгө чыгаруу үчүн бардык күчүбүз менен аракет кылалы. Пайгамбарыбыз с.а.в. мындай дейт:

**«Кийин жабыр көрсөтүүчү залим падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот.** Кийин Пайгамбар с.а.в. унчукпай калды**»,** (Ахмад риваяты).

**1-робиул-аввал, 1433-х.**

**24-март, 2012-м.**

## Малидеги аскерий төңкөрүш

**Суроо:** *«Анадолу» маалымат агенттигинин кабарына ылайык, 2020-жылы 27-август күнү Малинин аскерий кеңеши президент Иброхим Абу Бакр Кейтанын эркиндикке чыгарылганын жарыялады. Андан мурун 2020-жылы 18-августта Малиде президент Иброхим Абу Бакр Кейтага каршы аскерий төңкөрүш жасалганы жана аны менен кошо премьер-министр Бубу Киссе камакка алынганы жарыяланган. Суроо: бул төңкөрүштүн артында ким турат? Төңкөрүштүн АКШ-Европа күрөшүнө тиешеси барбы?*

**Жооп:** Жообубуз айкындуу болушу үчүн ушуларды баян кылабыз:

1 – Бүгүн болуп өткөн окуяны сегиз жыл мурун болгон окуяга байлайбыз. Ошондо 2012-жылы 22-мартта Малиде кичүү макамдагы офицерлер экинчи мөөнөтү бүтүшүнө эки ай калган президент Амаду (Ахмаду) Тумани Туреге каршы аскерий төңкөрүш жасашкан. Бул жөнүндө 2012-жылы 24-мартта жарыялаган суроо-Жоопузда төңкөрүштүн артында Америка турганын маалымдап, мындай дегенбиз:

«Биз жогоруда айтып өткөн бардык нерселер Малиде жүз берген бул төңкөрүштүн артында Америка турганын көрсөтүп турат. Америка бул

исламий өлкөгө өз таасирин жайып, дагы эле өз таасирин сактап келе жаткан эски колонизатор Францияны сүрүп чыгармакчы. Малидеги саясий күч Францияга көз каранды болгондуктан Америка шайлоону кечиктирмекчи болду. Америка бул төңкөрүш аркылуу оюнду француз саясаты боюнча түшүнгөн Франциянын малайларынан турган оюнчуларга «сокку» берди. Ушундай көрүнүштө Америка аскерийлердин аракетин иш жүзүндө өз чеңгелинде кармап туруу аркылуу Малини өзүнө байлап алууда». (цитата бүттү).

Бүгүн да эң жогору наамдагысы полковник болгон кичүү макамдагы офицерлер президент Абу Бакр (Бубакар) Кейтага каршы төңкөрүш уюштурушту. Абу Бакр 2013-жылы 15-августта шайланып, ал эми, 2018-жылы 12-августта экинчи мөөнөткө кайра шайланган болчу. Төңкөрүш жасаган аскерлер борбордон 15 километр алыс жайгашкан «Кати» базасынан жолго чыгышты. Бул база 2012-жылда төңкөрүш жасаган аскерлер жолго чыккан база болуп эсептелет. Ошол жылдын март айындагы төңкөрүштөн кийин Франция БУУнун Коопсуздук Кеңешинен Малинин түндүгүнө аралашуу жөнүндө резолюция чыгартууга жетишкен. Франция бул 2012-жылдын сентябрындагы №2071 жана 2012-жылдын 20-декабрындагы №2085-резолюциялар аркылуу Ал-Каидага жана экстремисттик уюмдарга каршы күрөшүүнү шылтоолоп өзүнүн колониясын коргоону көздөгөн! Ошентип, эл аралык күчтөр, айрыкча, Франция жана Европадан саны 15 миңге жеткен аскерий күч түзүлдү. Ал эми, Африка күчтөрү Мавритания, Мали, Нигер, Буркино-Фасо жана Чад мамлекеттери катышкан «Беш Жээк күчтөрү» деп аталган ортоктош күчтөрдөн түзүлдү. Бул мамлекеттерде Франциянын таасири күчтүү болуп, Франция бул таасирин 2012-жылдагы төңкөрүштөн кийин болгону бир жарым жылда эле кайра тургузуп алган. Франция буга Абу Бакр 2013-жылы 15-августта шайланып, 2018-жылы 12-августта экинчи мөөнөткө кайра шайланышы аркылуу жетишти! Белгилүү чөйрөлөрдө Американын Франция сыяктуу таасири күчтүү болбосо да, бирок анын

аскерийлердин арасына кирүү мүмкүнчүлүгү чоң. Ушул аркылуу АКШ бүгүн 2012-жылдагы биринчи төңкөрүштөн да күчтүүрөөк төңкөрүш жасады! Америка бир жылдай мурун аракет кылган төңкөрүшү ийгиликсиз чыккан соң, бүгүнкү төңкөрүштү колдоп-кубаттоо үчүн белгилүү чөйрө курууну максатында эми бир гана аскерий чөйрөдө эмес, Малинин саясий чөйрөсүндө жана жарандык коом уюмдары арасында малайларды тартууга аракет кыла баштады.

2020-жылы 19-августта ушул төңкөрүштүн жетекчиси полковник Касимий Квита «Калкты Куткаруу Улуттук комитетинин» төрагасы экенин жарыялады. Ал төңкөрүшчүлөрдүн тобунан турган офицерлердин жолугушуусунда 2020-жылы 8-августта телевидениеге чыгып сүйлөдү. Ушул төңкөрүшчүлөр республика президенти Кейтаны, премьер-министр Сиссени, бир канча министрлерди жана 17 расмийди камакка алышты. Кийин аскерийлер Кейтаны армиядан баш тартканын жарыя кылышы үчүн телевидениеге алып келишти. Ал: «Бийликте калышымдан улам кан төгүлүшүн каалабаймын», - деди. («Рейтер», 2020-жыл, 19-август). Төңкөрүшчүлөр тобунун басма сөз катчысы полковник Исмаил Ваги: «... Өлкөбүз тартипсиздикти, анархияны жана коопсуздуктун бузулушун башынан өткөрүүдө жана бул көп жактан өлкө тагдыры үчүн Жоопгер адамдардын катасына байланыштуу», - деди. («Рейтер», 2020-жыл, 19-август). О.э. «Ал-Жазира» телеканалынын 2020-жылдын 21-августтагы кабарына ылайык, Исмаил Ваги мындай деди: «Өткөөл кеңешти түзөбүз. Анын төрагасы аскерий же жарандык адам болот. Биз өткөөл доорду тартипке салуу үчүн жарандык коом, оппозициячыл партиялар, баары менен мамиле кылабыз. Өткөөл кеңеш тарабынан түзүлгөн улуттук комитет 6 аскерий жана 18 жарандык адамды өз ичине камтып, өткөөл доордун мыйзамчылык органынын вазыйпасын аткарат жана кеңештин төрагасы кеңештин мүчөлөрүнөн шайланат».

Көрүнүп тургандай, аскерий төңкөрүштү аскерийлер уюштурушту жана төңкөрүшкө саясатчылар жана оппозициячыл топ, профсоюздар, коомдордон турган «жарандык уюмдар» катышты. Ошону менен алар саясий иштер менен шугулданган жана колонизатор мамлекеттер тарабынан каржыланып, акчага сатылган саткындар чыккан уюмдарга айланышты. Мындан Америка Кейтанын экинчи мөөнөткө бийликке келишинен мурун аны кулатуу үчүн көптөгөн саясатчыларды өзүнө тартып алгандыгы айкын болот. Максат – армияга негизги көңүлдү буруп, офицерлерден малайларды тартуу менен бирге, өз малайларынын келечектеги ийгиликтерин камсыздоо.

2 – Америка бул жолку төңкөрүшүндө элдин колдоосуна жаратууга урунган көрүнөт. Ушул себептен улам, АКШ июнь айынан тартып ушул нерсеге шарт жаратты. Ошентип, июнь айынан тарта Мали борбору Бамако көчөлөрүндө миңдеген демонстранттар катышкан нааразылыктар башталды. Демонстранттар президент Кейтанын отставкасын талап кылып, аны жана өкмөтүн коррупцияда, мамлекеттин мүлкүн талап-тоноодо, мамлекеттик кызматтарды начарлатууда, шайлоолорду бурмалоодо, «экстремизм» жана «терроризмге» каршы күрөштө чабалыкта айыпташты. Белгилүү бир партиялар «5-июнь» же «М5» деп аталган коалиция түзүштү. Коалицияга төрага болуп дайындалган жана демонстрацияларга жетекчилик кылган Нахам Тажа ушуларды айтты: «Мен бийликти алган аскерийлер менен аракет кылдым, ЭКОВАС (Батыш Африка мамлекеттеринин экономикалык коомунун) санкциялары өтө кескин реакция болду жана бул айрым жетекчилердин мамлекеттик төңкөрүш өлкөдө саясий тартипсиздиктерге алып келет деген коркууларынан улам келип чыкты. Жашасын аскерий төңкөрүш! Бул төңкөрүш Мали калкынын аракеттерин жана демократиялык илманий жарандык мамлекетти куруугa умтулуусун бекемдейт». («Ал-Жазира», 2020-жыл, 21-август).

Мындан маалым болгондой, Малидеги нааразылык демонстрациялар табигый түрдө келип чыкпаган, демонстрацияларга демократия, жарандык

жана илманийлик сыяктуу колонизаторлордун пикирлерин карманган малайлар жетекчилик кылышкан. Алар бул иште аскерийлер менен союз түзүп, төңкөрүштү колдоп-кубатташкан. Америка Францияга жана Британияга көз каранды Батыш жана Борбордук Африкадагы режимдерди кулатуу максатында Малини бир катар төңкөрүштөр үчүн башталыш чекити жана душмандык очогуна айлантмакчы.

3 – АКШнын Жээк региону боюнча атайын өкүлү Ж. Питер Фам Малидеги төңкөрүштөн кийин Твиттердеги баракчасында: «Кошмо Штаттар бийлик конституцияга карама-каршы түрдө өзгөрүшүнө каршы», - деди. Ал дагы ушуларды баса белгиледи: «Офицерлер президент Иброхим Кейтаны кулаткандан тартып Малидеги саясий кырдаал айкындашканга чейин, АКШ бул өлкөнүн армиясы менен аскерий кызматташууну токтотуп турат», «Жакында болуп өткөн окуяны мамлекеттик төңкөрүш катары расмий түрдө сыпаттоо мыйзам жагынан каралып чыгышы керек». («Рейтер», 2020-жыл, 22-август).

Мындан Америка төңкөрүштү да, төңкөрүшчүлөрдү да каралабай жатканы айкын болууда. АКШ атайын өкүлү аркылуу Америка конституцияга карам-каршы өзгөрүүлөргө каршы деген сөзү жалпы сөз болуп, төңкөрүшкө тиешеси жок. Негизи, Америка Мисрдеги Сисийдин төңкөрүшүн да колдоду, Судандагы аскерий төңкөрүштү дагы колдоду, ал тургай, аларды төңкөрүш деп да атабады. Анткени, эки төңкөрүштүн тең артында өзү турат. АКШ Малидеги төңкөрүштө да ушундай кылды, өз өкүлү аркылуу окуяны төңкөрүш же төңкөрүш эместигин мыйзам тараптан карап чыгуу керектигин баса белгиледи! Бул ушул төңкөрүштүн артында Америка турганына далалат кылат. Муну Катардын «Ал-Жазира» каналы ачыктаган ушул кабар да тастыктап турат: «Америка Мали аскерлерин, Кейтага каршы төңкөрүшкө жетекчилик кылган айрым офицерлерин туруктуу аскерий машыгуулардан өткөрүүдө». Демек, төңкөрүшкө Американын колунда машыгуудан өткөн жана малайлар катары тартылган кимселер жетекчилик

кылды. 2012-жылдагы төңкөрүштө да дал ушундай болгон. Бул жөнүндө 2012-жылдын 24-мартында жарыялаган суроо-Жоопузда мындай дегенбиз: ««Кылым» сайты 2012-жылы 24-мартта кабардар Америка булактарына таянып билдиришинче, атын атабаган америкалык дипломат ушуларды айткан: «Төңкөрүшкө башчылык кылган капитан Амаду Хая Саного тандалган офицерлер арасынан Кошмо Штаттарда терроризмге каршы күрөш боюнча аскерий тажрыйба алуу үчүн Америка элчилиги тарабынан тандалып алынган». Ал кошумчалап: «Саного атайын иштер менен Америкага бир нече жолу сапар кылган...», - деди». (цитата бүттү).

Америка 2012-жылдагы аракетине шайкеш кадам шилтөөдө, ал кезде АКШ европалыктарды өлкөдөн чыгарып, өлкөнү жеке өзү колония кылуу максатында мамлекеттик төңкөрүш жасаган. Бирок, бул жолу АКШ мурункуга караганда көбүрөөк көңүл бурат. Анткени, АКШ саясий партиялардын жана жарандык коомдордун арасынан Францияга көз каранды саясий чөйрөнүн ордун баскан саясий чөйрө кура баштады.

4 – Малиде таасир ээси болгон Франциянын реакциясы абдан кескин болду, ал эсинен танып кала жаздады. Франция президенттик департаменти: «Өлкө жетекчиси Макрон кырдаалды жакындан күзөтүүдө жана бул төңкөрүштү каралайт», - деди. («Франс-Пресс», 2020-жыл, 18-август). Франция тышкы иштер министри Жан-Ив Ле Дриан: «Франция мындай кооптуу окуяны кескин каралайт», - деди. Макрон 2020-жылы 20-августта Германия канцлери Меркель менен Малидеги өзгөрүүлөрдү талкуулоо үчүн өткөрүлгөн жолугушууда мындай деди: «Франция менен Германия Малиде болгон мамлекеттик төңкөрүштү каралайт жана бул өлкө мүмкүн болушунча батыраак жарандык башкарууга кайтышын каалайт. Биз Жээктеги исламий согушкерлер зомбулуктарды жасашын көз жаздымда калтырбашыбыз керек». Франция коргоо министри Флоранс Парли: «Мали президенти эки күн мурун болгон аскерий төңкөрүштө бийликтен кулатылганына карабастан, Франция бул өлкө менен алып барып жаткан аскерий операцияларды улантат», - деди.

(«Рейтер», 2020-жыл, 20-август). Бул билдирүүлөр Франция төңкөрүштөн канчалык кабатырланып жатканын көрсөтүп турат. Чынында, бул төңкөрүш Мали жана ага коңшулаш мамлекеттердеги ири көлөмдөгү көптөгөн сейрек кездешкен минералдык кендерди талап-тоноп жаткан Франциянын таасирин бутага алды. Франция Малини Батыш Африкадагы өзүнүн таасирин коргогон стратегиялык орун катары пайданалат. Анткени, Жээк мамлекеттери менен бул өлкө бир регионду түзөт, биринде жарака кетсе, калгандарына таасир кылбай калбайт. Франция өзүнүн аскерий күчүн бекемдөөгө аракет кылууда, анткени, ал жерде анын европалык күчтөр менен бирге 5100дөн ашуун күчтөрү бар. Франция бул жаатта Германиядан жардам суроодо. Германия өзүнүн 1100 күчтөрү менен «Бархан» операциясында кызматташууда. Франция Африка ортоктош күчтөрүн каржылоодо Фарс булуңундагы мамлекеттерге, Бириккен Араб Амирликтерине да кайрылган. Операцияда Британиянын 250 аскери жана үч вертолёту, Европа Союзунун 620 аскери катышууда. АКШ «Бархан» күчтөрүн финансылык жана техникалык жактан колдоодон баш тартты. АКШ учкучсуз самолёттордун жардамында разведка маалыматтарын чогултуп салым кошуп жатканын айтып келет.

5 – Африка Союзу менен ЭКОВАС Малидеги төңкөрүштү каралады. Бул жөнүндө Африка Союзу комиссариатынын төрагасы Муса Факий Мухаммад Твиттерде мындай деди: «Мен президент Иброхим Кейтанын, премьер-министр жана башка Мали өкмөтүнүн мүчөлөрүнүн камакка алынышын кескин каралаймын, аларды тезинен эркиндикке чыгарууну талап кыламын». Он беш мамлекеттен турган Батыш Африка мамлекеттеринин экономикалык коому (ЭКОВАС) Мали менен чектешкен чегараларды жабууга жана ал жерге капиталдын киришин токтотууга, ЭКОВАС коомундагы бардык токтом чыгарган органдардан Малини чыгарууга келишишти. 2020-жылы 22-август күнү ЭКОВАС делегациясы Малиге сапар кылып, төңкөрүштүн жетекчилери менен жолугушту. Бир жарым саатка белгиленген ушул жолугушуу 20 мүнөттө эле аяктады, бул жагдай ЭКОВАСтын миссиясы

ийгиликсиз бүткөнүн көрсөтөт. Эл аралык маалымат агенттиктеринин кабарларына ылайык, бул миссиянын вазыйпасы төңкөрүштүн жетекчилерин Кейтаны жана анын өкмөтүн бийликке кайтарууга көндүрүү болгон. Бирок, төңкөрүштүн жетекчилери макул болбой, төңкөрүштө бекем турушту жана өткөөл өкмөт түзүлгөндө ЭКОВАС делегациясы менен сүйлөшүүлөр өткөрүлөрүн баса белгилешти. Белгилүү болгондой, Африка Союзу менен ЭКОВАС негизинен Европанын Батыш Африкадагы малайларынан турат.

6 – Жыйынтык. Америка Европа, айрыкча, Франция жана Британия менен атаандашууда. Бул колонизаторлор Африкада, ал жердеги исламий өлкөлөрдө, мусулман өлкөсү болгон Малиде өзүлөрүнүн таасирин жайып, ал жердеги кен байлыктарды талап-тоноо максатында бири-бирине каршы күрөшүүдө. Франция Малидеги кен байлыктардын үлкөн үлүшүнө ээ. О.э. бул колонизаторлор Малинин Батыш Африкадагы стратегиялык орду үчүн да күрөшүүдө, анткени бул мусулман өлкөсү Жээк мамлекеттери менен бир регионду түзөт. Алар Малинин мусулман калкын жакырчылыктан, муктаждыктан жана оорулардан азап тартышына таштап коюшкан. Малай акимдер бийликке жетүүнү көздөп кордолуп колонизаторлорго каалаган нерселерин аткарып беришүүдө. Мали – колониядагы күчсүз мамлекет. Аны колонизаторлордун чабуулунан коргой турган исламий күчтөр жок болгондуктан, колонизаторлор негизсиз шылтоолор менен түздөн-түз аскерий аралашууну жүзөгө чыгаруу токтомдорун кабыл алышууда. Малини коргой турган, колонизаторлордун курчоосуна каршы туруп, аларга сабак берип коё турган мындай күч – Аллахтын уруксаты менен, жакында тикелениши күтүлүп жаткан рошид Халифалык мамлекетинин күчтөрү болот. Ошондуктан, ушул мамлекетти тикелөөгө аракет кылуу – эң маанилүү фарздардын бири. Ушул фарзды аткаруу аркылуу күч-кубатка, нусратка жетебиз жана жабыр кылган бардык кафирлерден корголобуз.

Расулуллах ﷺ айтат: «Имам-халифа – калкан, анын артында туруп согуш кылынат жана аны менен коргонулат». (Имам Муслим риваяты).

**13-мухаррам, 1442-х.**

**1-сентябрь, 2020-м.**

## Мали-Нигер-Буркина Фасо конфедерациясы

**Суроо:** ***Буркина Фасо, Нигер жана Малини башкарган аскердик кеңеш лидерлери 2024-жылдын 6-июлунда Нигердин борбору Ниамейдеги саммитте конфедерациялык келишимге кол коюшту. Бул келишимдин артында эл аралык күч барбы? Эгер ал күч бар болсо алар малайлык кылып жаткан өлкө кайсы? Же бул конфедерация субъективдүү көрүнүшпү?***

**Жооп:** Бул суроонун жообу үчүн биз төмөнкү нерселерди карап чыгабыз:

Бул үч мамлекет 2020-2023-жылдар аралыгында болгон төңкөрүштөн кийин Америкага малайлык кылып, буйруктарын ишке ашыра баштады! Биз муну буга чейинки суроолордун жообунда түшүндүргөнбүз. Бул тууралуу 2020-жылы 1-сентябрда Малиде Асими Гоита жетектеген төңкөрүш боюнча, 2020-жылы 7-февралда Буркина Фасодо Ибрагим Траоре жетектеген төңкөрүш боюнча, 2023-жылы 15-августта Абдурахман Чияни жетектеген Нигер төңкөрүшү боюнча суроо-жооптордо түшүндүрдүк... Бул үч өлкө тең калкы мусулман болгон мамлекет.

А) Мали: Малиге Ислам он биринчи кылымда жетип барган. Малиде басымдуулук кылган дин Ислам, малиликтердин болжол менен 90%ы мусулмандар. 5%га жакыны христиандар. Калган 5%ын башка диндегилер түзөт. Борбору Бамако.

Б) Буркина Фасо: Батыш Африкадагы исламий өлкө. 2006-жылдагы каттоого ылайык, калктын 60,5%дан ашыгы мусулмандар. Христиандар 23%га жакын, калганын башка диндегилер түзөт. Анын аянты 274 200 чарчы чакырым. Калкынын саны 21 510 000. Анын экономикасы айыл чарбасына таянат. Уагадого шаары бул өлкөдөгү эң маанилүү шаар жана анын борбору.

В) Нигер: Батыш Африкада жайгашкан жана аны Нигер дарыясы бөлүп өткөндүктөн Нигер деп аталып калган. Ал түштүк тараптан Нигерия жана Бенин менен чектешет. Батыштан Буркина Фасо жана Мали менен чектешет. Түндүк тараптан Алжир жана Ливия менен, Чыгыш тараптан Чад менен чектешет. Нигердин жалпы аянты 1 270 000 чарчы чакырым. Нигер исламий өлкө. Ислам Нигердеги көпчүлүктүн дини. 99 %дан ашыгы мусулмандар. Ислам азыркы Нигерге 15-кылымда батыштагы Сонгай султанатынын кеңейиши жана Магриб менен Египеттин Транс-Сахаралык соодасынын таасири аркылуу тараган. Борбору Ниамей.

2020-2023-жылдар аралыгында Мали, Нигер жана Буркина-Фасодо болгон төңкөрүштөр Америкага ыктап, ал тарабынан колдоого алынган.
2023-жылдын 16-сентябрында үч өлкө Нигерде ECOWAS аскердик кийлигишүүсүнүн потенциалдуу коркунучуна каршы биргелешкен коргонуу үчүн “Сахел мамлекеттеринин коалициясын” түзүштү. Келишимге Малинин президенти полковник Ассими Гоита, Нигериянын президенти генерал Абдуррахман Чиани жана Буркина Фасо президенти капитан Ибрагим Траоре кол коюшту. 2023-жылы сентябрда Малинин тышкы иштер министри Абдулла Диоп ошол кезде журналисттерге жасаган билдирүүсүндө мындай деген: "Бул үч өлкөнүн ортосундагы аскердик жана экономикалык аракеттердин айкалышы болот".

Мали, Буркина-Фасо жана Нигер лидерлери тарабынан 2023-жылдын 16-сентябрында кол коюлган биргелешкен келишимде “Сахел өлкөлөрүнүн коалициясын” түзүү каралган. Альянсты уюштуруу уставы 17 беренеден турат. Алардын биринчиси “Липтако-Горма келишими” деп аталат жана анда “келишим түзүүчү тараптар Сахел өлкөлөрүнүн альянсын түзүүгө макулдашты” деп айтылат. Кыскартылып "AES" деп колдонулууда. Ал эми, 2-беренеде бул Уставдын максаты “келишим түзүүчү тараптардын жамааттык коргонуу жана өз ара жардамдашуу борборун түзүү” деп айтылат. Уюштуруу Уставынын 6-беренесинде “Коалицияга кирген бир тараптын

эгемендигине жана аймактык бүтүндүгүнө ар кандай кол салуу башка тарапка жасалган агрессия катары каралат. Бул өз ара жардам көрсөтүү милдеттенмесин билдирет. Анын ичинде коопсуздукту калыбына келтирүү үчүн куралдуу күчтөрдү колдонуу каралган" деп айтылат. Уставдын 11-беренесинде "Альянска кирген бул үч өлкө менен географиялык, саясий, социалдык жана маданий реалдуулуктарды бөлүшкөн жана Альянстын максаттарын кабыл алган ар бир өлкө үчүн ачык" деп айтылат. ("Al Jazeera" изилдөө борбору 2024.06.25).

Бул үч өлкө түзгөн союздун 6 жана 11-беренелеринде көрүнүп тургандай, аны түзүүнүн максаты Батыш Африка мамлекеттеринин экономикалык коомчулугу аркылуу мүмкүн болуучу чет элдик аскерий интервенцияга, өзгөчө француздарга каршы туруу болуп саналат. Алардын бири Франциянын чет элдик аскерий соккусуна дуушар болгон болсо, алар биргеликте аскердик жактан ага каршы турат. О.э Батыш Африка мамлекеттеринин Экономикалык коомчулугунун ичинен ыдыроосуна шарт жаратуу. Он биринчи беренеден көрүнүп тургандай, ECOWASка кирген өлкөлөрдү бул союзга кошулууга үндөшкөн.

2024-жылы 6-июлда Мали, Нигер жана Буркина-Фасо конфедерация түзүшкөнүн жарыялашты. Нигердин борбор шаары Ниамейде кол коюлган конфедерация келишими, биринчи жолугушууда кол коюлган Сахел мамлекеттеринин союздук келишиминин уландысы. "Африканын Сахел аймагында жайгашкан Буркина-Фасо, Мали жана Нигер бүгүн, ишемби күнү "конфедерацияга" бириккенин жарыялашты" деп айтылат билдирүүдө. Ниамейде өткөн биринчи саммиттеги билдирүүсүндө, алардын президенттери "мүчө мамлекеттер арасында тереңирээк интеграцияга карай кошумча баскычты басып өтүүнү чечтик" деп айтышты. Ушул максатта Буркина-Фасо, Мали жана Нигердин ортосунда "Сахел мамлекеттеринин конфедерациясы" деген аталышта уюм түзүү келишимин кабыл алышты". (Аль-Иттихад БАЭ, 2024.07.24).

Буга байланыштуу Американын түз билдирүүлөрү болбосо да, бардык белгилер “Сахел мамлекеттеринин конфедерациясы” түзүлүшүнүн артында Америка турганын көрсөтүүдө. Америка бир жагынан бул өлкөлөрдөгү малайларын ECOWAS тобунун санкцияларынан коргоону каалайт. Айрыкча үч өлкө деңизге чыга албагандыктан, алардын соодасына тоскоол болот. Башка жагынан, бул Франция жана Британия тарабынан көзөмөлдөнгөн ECOWASтын ордун баса турган альянс болушун каалайт. Чынында эле, конфедерациянын түзүлүшү ECOWAS тобунун ичинде келишпестик жаратып, реформа талап кылган тараптар болду. Бул Сенегал президентинин билдирүүлөрүндө айкын көрүндү. Башкача айтканда, ECOWASтан “конфедерацияга” карай өлкөлөрдүн агымы мүмкүн экени ачыкка чыкты.

Демек, бул конфедерация өзүнөн-өзү пайда болгон жок. Европанын, өзгөчө Франциянын кийлигишүүсүнө жана колонияларына кайтып келүүсүнө жол бербөө үчүн Америка өз колонияларын сактап калуу жана ага малайлык кылган бул үч өлкөнүн ортосунда түзүлгөн... Бул мамлекеттердин биримдиктин алдында жасаган кадамдары муну тастыктайт. Алар төмөнкүлөр:

А) Буркина-Фасо жана Нигер 2023-жылдын ноябрында G5 Сахел жумушчу тобунан чыкканын жарыялашкан. Ошондой эле Мали 2022-жылдын май айында G5 Сахел жумушчу тобунан чыгып кеткен. Ишемби күнү Буркина-Фасо Нигер жана Мали Африкалык топтун курамынан чыккандан бир жарым жыл өткөндөн кийин Сахел беш өлкөлөрүнүн тобунан чыкканын жарыялашты. Буркина-Фасо официалдуу маалымат агенттиги Буркина-Фасо жана Нигер өкмөттөрүнүн биргелешкен билдирүүсүн жарыялады. Ага ылайык, "Эгемендүү чечим топко жана анын ишине терең баа бергенден кийин кабыл алынат." Билдирүүдө мындай деп кошумчаланган: “Сахелдеги бештик тобу Сахел элдеринин кызыкчылыктарына зыян келтирип, чет элдик кызыкчылыктарга кызмат кыла албайт. Ал тургай, кандай гана болбосун, шериктештик аты менен биздин элдердин суверенитетин танган жана

жаңылышып адашкан кандайдыр бир күчтүн буйруктарын кабыл ала албайт. Ошондуктан, Буркина-Фасо жана Нигер бул уюмдан чыгуунун тарыхый жоопкерчилигин так мойнуна алды...”. (Anadolu агенттиги, 2023.03.12). Малинин аскерий кеңеши жекшемби күнкү билдирүүсүндө өлкө 2014-жылы жихадчыларга каршы күрөшүү үчүн түзүлгөн Батыш Африканын Сахел аймагындагы көп улуттуу аскерий күчтөрүнөн чыгып жатканын жарыялады. Аскердик кеңеш чыгып кетүү чечимин Малинин "G5 Сахел тобуна" төрагалык кылууга жол бербөө менен актады. Анткени, Бамако 2022-жылдын февралында бул өлкөлөрдүн, атап айтканда Мавритания, Чад, Буркина-Фасо жана Нигердин лидерлери үчүн конференция өткөрүшү керек болчу. Аскердик төңкөрүш аркылуу бийликке жеткен аскердик кеңеш Малидеги ички туруксуздукту шылтоолоду... (France 24, 2022. 05.16).

Б) Мали, Нигер жана Буркина-Фасо Франциянын таасиринен кутулуу жана терроризм менен күрөшүү шылтоосу менен аскердик кийлигишүүсүнө жол бербөө үчүн 2024-жылдын январь айында ECOWASдан чыгышын жарыялашкан. Жекшембиде Мали, Буркина-Фасо жана Нигер Батыш Африка мамлекеттеринин экономикалык шериктештигинен (ECOWASдан) чыгууну чечишти. Бул тууралуу Аскердик кеңештер жана убактылуу өткөөл өкмөттөр жетектеген үч Сахел өлкөсүнүн биргелешкен билдирүүсүндө айтылды. Билдирүүдө үч өлкөнүн 15 мүчөдөн турган ECOWASдан “мүмкүн болушунча тезирээк” чыга турганы белгиленген. Анда айтылгандай, “чет элдик күчтөрдүн таасирине баш ийди” жана “анын принциптерине чыккынчылык кылды” деп айыпталган ECOWAS үч өлкөгө “коркунуч” жаратат деп айтылды... (Anadolu агенттиги, 2024.01.28).

Булардын баары бул үч өлкөнүн Франциянын таасиринен кутулуу үчүн Франциянын таасири жана багыты астында болгон бардык уюмдардан чегингендигин көрсөтүүдө. Американын буйругу болбосо, бул өлкөлөр өз алдынча чыгып кетпейт эле. Конфедерацияны түзүүнүн башаты катары Америка ECOWASты ыдыратууну же аны алсыратууну каалады. Андан соң

жалпы калкынын саны 70 миллиондон ашкан жана француз компаниялары тарабынан эксплуатацияланган ири энергетикалык жана минералдык ресурстарга ээ болгон бул үч маанилүү өлкөдө Франциянын таасирин солкулдатууну же алмаштырууну каалады! О.э бул "конфедерация" жана анын лидерлеринин үнү Сахел аймагындагы Франциянын таасир чөйрөсүнөн көбүрөөк өлкөлөрдү чыгарып салууну каалайт. Булар Франциянын колониялык талап-тоноосунан жана анын артында калтырган өтө жакырчылыктан, акимдер арасында кеңири жайылган коррупциянын катаалдыгынан улам пайда болгон абдан алсыз өкмөттөр. Бул жаңы жагдайлар аркылуу Америка (терроризмге каршы күрөшүү) жана аскердик машыгуу, колдоо көрсөтүү аркылуу байланышып жаткан аскерлерди азгырууда. Жалпысынан алганда, үч өлкөнүн лидерлеринин Францияга каршы келишпестиги - Франциянын бул аймактагы таасири ондогон жылдар бою коопсуз жана туруктуу болуп тургандан соң - ага каршы эң чоң коркунуч болуп саналат.

Ушундай негизде Ислам өлкөлөрүнүн акимдери өлкөнүн көз карандылыгын бир колонизатордон экинчи колонизаторго өткөрүп жатат. Мусулмандардын мал-мүлкүн талап-тоногон Франциядан жүз буруп, калган байлыктарды Америка тоношу үчүн ага жүздөнүштү. Ал эми мусулмандардын кыйналып, жакырчылыкта калуусу улануудa. Мусулмандар өз өлкөлөрүн башкарууга кудурети жетпегендей түр жаратышууда. Бул абал бардык мусулман өлкөлөрүнө тиешелүү болгону менен, Африка өлкөлөрүндө оор жана терең. Мусулмандар өздөрүнүн дини менен ойгонуусу күчөгөн сайын аны кармануу бул дүйнөдө да, акыретте да кутулууга алып баруучу жол экенине бекем ишенишет жана Аллах Таала ыраазы болгон нерсеге жакын болушат. Бул алардын өз өлкөсүнүн байлыгын талап-тоноп жакырчылык жана жокчулукта калтырган каапыр колонизаторго болгон жек көрүүсүн күчөтөт. О.э динди жашоого алып келүү Пайгамбарлык минхажы негизиндеги экинчи Халифалык мамлекетин тикелөө жолунда кайрат жана

аракетин арттырат. Мусулмандар жашап жаткан мажбурлоочу режимдерден кийин курула турган Ислам мамлекети бүткүл мусулмандарды бириктирет. Биз Аллахтын уруксаты менен мусулмандардын жетишет, Ислам мамлекетин куруп, бүткүл Ислам аймактарын бириктирип, бардык каапыр колонизаторлорду өз аймактарынан кууп чыгууга, а түгүл бул каапыр мамлекеттерге хидаят байрагын ташып барууга бир кадам калганын көрүп турабыз. Шек күмөнсүз бул иш Аллах үчүн оор эмес. Пайгамбар (с.а.в) Ахмад Хузайфа радыяллаху анхудан риваят кылган хадисте мындай дейт:

«... ثُمَّ تَكُونُ مُلْكاً جَبْرِيَّةً فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ ثُمَّ سَكَتَ».

“...Андан кийин ал мажбурлоочу падышалык болот, ал Аллах каалаганча болот, анан кааласа аны көтөрөт, анан пайгамбарлык минхажы негизинде халифалык болот, анан ал унчукпай калды”.

**1446-х 18-Мухаррам.**

**2024-ж 24-июль.**

## Марокко туурасындагы суроолорго жооптор

**I.** Америка Алжир менен Мароккодогу Франциядан азат болуу кыймылдарын колдоп-кубаттады. Ибн Билла доорунда Алжир эгемендүү болгон соң, ага өз таасирин киргизүү мүмкүнчүлүгүн тапты. Мухаммад Vнин доорунда Мароккого да таасирин киргизе алды. Бирок, бул иш узак созулбады. Британия Малик Хасандын колдоосу менен Бумиддин аркылуу ибн Биллого каршы төңкөрүш жасай алды. О.э. Мухаммад V дүйнөдөн кайткан соң, Хасан IIнин келиши менен Британия таасири дагы күчүнө кирди.

Америка үчүн бул эки өлкөгө жол жабылып калды. 1976-жылдын 26-февралында 91 жылдык колонизаторлуктан кийин Испания Сахродон (Сахара) чыгып кеткен соң, «Полисарио» каршылык кыймылынын эгемендүүлүккө умтулууларынан мүмкүнчүлүк тапты. Андан мурун БУУ

Американын басымы астында изилдөө тобун түзүп, аны Батыш Сахрого жиберген эле. Топ өз отчётун 1975-жылдын 9-июнунда Башкы ассамблеяга тапшырган эле. Ага Сахронун Испаниядан эгемендүү болушу сунуш кылынып, «Полисарио» уюмунун региондогу өкүмдар кыймыл экендиги жана этибарлуу таасир күчүнө ээлиги кошумча кылынган эле. Ошентип, Америка «Полисарио»ну колдоп-кубаттап, Сахро калкынын өкүлү катары майданга алып чыкты. Мындан көздөлгөн максат, Испания андан чыгып кеткенден кийин Сахронун Мароккого кайтпашы, эгемендүүлүктү талап кылуучу кескиндик очогу болуп калышы эле, анткени, Америка андан түндүк Африкадагы кызыкчылыктар үчүн пайдаланмак. 1976-жылдын 26-февралында, Испания андан чыгып кеткен соң, бир окуя болуп өттү. Сахро улуттук кеңеши Сахро араб республикасы тикеленгенин жарыя кылды. Бул иш «Полисарио» тарабынан жарыя кылынган болсо, экинчи тараптан 1976-жылдын 14-апрелинде Хасан II Мавратия президенти Мухтар Даддах менен Сахрону бөлүштүрүп алууга келишишти жана аны жаңы союздашы менен ээлеп алды. Бирок, көтөрүлүштөн кийин, Мухтар Аддах 1979-жылдын 5-августунда Алжирде «Полисарио» менен тынчтык келишимине кол койду. Анда Сахро бүтүндөй өз абалына коюлду. Бирок, Сахронун Мавритания бөлүгүн «Полисарио» тапшырбады. Марокко аны ээлеп тура берди жана ал Сахро өкмөтү менен «Полисарио»нун Алжирдеги (Тендофтогу) борборуна айланды. Мына ошондон кийин Америка БУУ аркылуу токтомдор чыгарып, Сахрого түздөн-түз иш жүзүндө кирише баштады. Ал токтомдор төмөнкүлөр:

- 1979-жылдын 21-ноябрында БУУнун Башкы Ассамблеясы «Сахро калкынын өз тагдырын өзү белгилеши жөнүндөгү мыйзамдык укугун түшүндүрүү жана «Полисарио»ну чөл калкына жалгыз мыйзамдуу өкүл деп тан алуу» жөнүндө токтом кабыл алды;
- Коопсуздук кеңешинин атайын жыйналышынын 1988-жылдын 30-сентябындагы 621-номерлүү резолюциясында баш катчыга Батыш Сахродо өзүнүн атайын бир өкүлүн дайындашына уруксат берилген. Баш катчы

уругвайлык Акрос Испиялды өзүнүн өкүлү кылып тандады. Ортоктош сунуштар «Африка улуттук тынчтык планы» наамы менен киргизиле баштады;

•1991-жылдын 19-апрелиндеги 690-номерлүү токтомдо Коопсуздук кеңеши Батыш Сахродо (Минурсодо) референдум өткөзүү үчүн БУУнун комссиясын түзүү жөнүндө жарыя чыгарды;

•Кофи Аннан БУУ жетекчилигине келип, 1997-жылы мурдагы Америка мамлекеттик катчысы Жеймс Бейкер Сахродо референдум өткөрүү токтомун аткаруу үчүн атайын өкүл кылып дайындалганга чейин, токтомдор чыгарууну уланта берди;

•Кофи Аннан кийинчерээк 1998-жылдын 30-ноябрында регионго келип, кескиндикти чектөөгө тиешелүү сунуштар менен чыкты;

•Кофи Аннан өзүнүн 2000-жылдын 17-февралында Коопсуздук кеңешине берген отчётунда, кескиндикти чектөө комиссиясы тарабынан добуш берүүгө ылайыксыз болгондугу үчүн четке кагылган кимселер комиссияга каршы сын иш ачышканын айтты жана иштердин ушундай көрүнүштө уланышын элестетүү мүмкүн эмес деди. Натыйжада, Африка улуттук коопсуздук планын колдонуу мүмкүн болбой калды;

•2001-жылдын 5-майында Бейкер «чөлкөмдүк союз» деген сунуштар менен чыкты. Бул союз автономдуу өкмөттүн мөөнөтүн 5 жылга созуу мүмкүнчүлүгүн берер эле. Андан кийин тагдырды белгилөө туурасында референдум чакырылышы сунуш кылынды;

•2004-жылдын 11-июнунда Жеймс Бейкер 1997-жылдан бери алектенип келе жаткан планынан баш тартканын жарыя кылды. Мындан кийин Аннан июнда өзүнө жаңы орун басар дайындады. Ал Алваро де Сото деген киши.

Ошентип, Америка Батыш Сахро маселелеси боюнча өз тагдырын өзү белгилөө проблемасын козгоону жана БУУ тарабынан токтомдор чыгарууну уланта берди.

Отчёттордо көрсөтүлгөндөй, мейли, Батыш Сахро Европа менен Американын шилекейин чуурута турган даражада байлыкка, өзгөчө, нефтиге ээ болсо да, негизи, атаандаштык саясий таасирге байланыштуу эле. Алжир жана Мароккого кирип баруу үчүн биринчи даражада проблема козгоочу фактор мына ушул эле. Ушуга караганда, Сахронун эгемендүү болушу же өзү кааалагандай башка бир формага кириши, Америка үчүн маанилүү эмес эле. Аны, Сахро проблемасын басым өткөзүү ыкмасына айлантып, ал аркылуу Алжир менен Мароккого кирип баруу кызыктырат. Ошондуктан, Алжир жана Марокконун Америка менен болгон мамилелерине карай Сахро маселеси кээде күчөп, кээде төмөндөп барар эле.

Европа, айрыкча, ал эки мамлекет менен үзгүлтүксүз мамиледеги Британия, Франция жана Испания муну түшүнөт. Алжирде да, Мароккодо да Британиянын колу бар эле – Алжирде Бумиддин доорунда, Мароккодо Хасан доорунда. Ушул себептен улам, ал Американын Сахро проблемасын өзү каалагандай иштетишине мүмкүнчүлүк бербеди. Алжирдеги «Полисарио»нун абалын о.э. Америка менен мамилелерин көңүл коюп күзөтөр эле. Болгону, Американын БУУда чыгарып жаткан токтомдорунан гана кабарсыз эле. Мароккодо ар кандай чечим Марокко суверенитетинин чегинде болушуна катуу турар эле. Басым өткөзүлсө гана башкасына ыраазы болор эле. Кийин Британия өз саясатындагы айлакерлиги менен аткаруу жолуна тоскоолдуктар коё баштады.

Бумиддинден кийин Алжир өкмөтүн алсыз жетекчилер ээлешти. Натыйжада, бийлик кошуундун колуна өттү. Андагы аткаруу бийлигиндегилер Франциядан таалим алып өсүп чыккан франкофилдер (французпарастар) эле. Ушуну менен Алжирде Франция таасири көрүнүп калды. Муну көргөн Британия Бутифликаны Швецариядан алып келип, Алжирге кайра тикеледи. Ал британияпарастыгы жагынан да, сыртынан Американы жактоочу болуп, ичинен кууланып ага каршы күрөшүү жагынан да мурдагы устазы Бумиддинге окшор эле. Ошентип, Бутифлика Америкага

жакындаша баштады. Өткөн жылы аны менен 1,87 миллиард доллардык курал-жарак келишимин түздү. Америка 2002-жылы Алжирге терроризмге каршы күрөшүү шылтоосу менен аскердик техника берген эле. Муну күзөтүүчүлөр Алжир Америкага ыктап жатат деп чечмелешкен эле. Анткени, ал биринчи жолу Америкадан 1,87 миллиард доллардык үлкөн келишимди колго киргизип жаткан эле, адатта болсо, Алжир кошуунун куралдандыруу Франция тарабынан, кээде болсо, Россия тарабынан ишке ашырылар эле.

Бул нерсе Франциянын Алжирдеги ролун күчсүздөнтүп жиберди. Айрыкча, Бутифлика Алжир кошуунундагы французпарас генералдарга каршы өзгөртүүлөр киргизди. Бул иштин башталышы французпарас башкы штаб башчысы Амморик менен Бутифлика ортосундагы келишпөөчүлүк болду. Бутифлика кошуун назарында көп жактуу оюн ойнор эле: Британия саясатына моюн сунуу; Американын көңүлүн алуу; Франциянын каарын козгобоо. Аны өзгөртүүлөр киргизүүгө шаштырган фактор өзүнүн атаандашы, президенттикке талапкер Алий ибн Флис менен Амморийдин ортосундагы байланыш болду. Амморий 2004-жылдын апрелинде болуп өтө турган президенттик шайлоолордо Бутифликаны кулатуу аркылуу алып таштоону пландаштырып жаткан эле. Бутифлика шайлоолордо ийгиликке жеткен соң, бул эки адамдын ортосундагы күрөш курчуп кеткеени жана Амморийдин күнү бүтүп калганы баарына айкын эле. Ошондой да болду. (Өзү негиздүү себептерге ылайык мансабынан кетишинен мурун) аны иштен четтетти. Ошондон 48 саат өткөн соң, 2007-жылы 5-августта, биринчи аскердик нохиянын (нохия – мамлекеттер ортосунда вилаяттар. Борбор да ушунун ичинде жайгашкан) командачысы, кошуунда Амморийден кийинки экинчи күчтүү адам наамын алган Ибрахим Фузайл Шарифти да отставкага кетирди. Кошуундагы аскер башчыларды да иштен алып, алардын ордуна башкаларды дайындады. Расмий кабыл алуудан бир күн өткөндөн кийин Бутифлика мурдагы башчы Мухаммад Амарийдин алдында Ахмад Коид Солихти Алжирдин штаб башчы кылып дайындады.

Мындай иштен алуулардан мурда, Бутифлика шайлоолордо ийгиликке жетер замат кошуун жөнүндө билдирүүлөр жасаган эле. Аларда жаңы жетекчинин өзүнөн кошуун коркунучун алыстатып жатканы анык көрүнүп турар эле. Өткөн жылдын 5-июлунда эгемендүүлүк күнү кылган баяндамасында мындай делген: «Ушул мүнөттөн тартып Алжир кошууну, куралдуу күчтөрдүн башкы командачысы жана граждандык коргонуунун биринчи жooптуусу катары республика президентинин буйругу, өкүмдарлыгы жана жоопкерчилиги астында профессионализм баскычтарына ылайыкташуусу жана өзүнүн конституциялык милдеттерин аткарууга киришүүсү керек». Дагы Амморий менен анын командачылыктагы тарапкерлерин шылдыңдап: «Мен Улуттук азаттыктын кошуунуна командачылык кылган убагымда алар али эч кандай мансапты ээлебеген эле», - деди.

Бутифлика өзүнүн биринчи мугалими – Хафорий Бумиддинге окшоп, кошуун чеңгелинен кутулмакчы эле. Бумиддинди өзүнө тышкы иштер министри кылып алды. Ал Британиянын колдоосу менен бирөөлөрдү мансабынан бошотуп, башкаларды дайындоодо кандайдыр бир деңгээлде ийгиликке жетишти дешке болот. Бирок, кошуунда дагы деле Франциянын өз орду бар эле. Анткени, көпчүлүк Франция таалимин алган эле. Мунун үстүнө, Амморий сыяктуу иштен четтетилген командачылардын кошуун ичиндеги күч менен али да алакасы бар.

Эмнеси болсо да, натыйжада Американын тараза ташы Франциянын ташынан оор келди. Анын мамлекетке кириши жеңилдешти. Бул иште утуп чыккан Британия болду. Себеби, анын Алжирдеги саясий таасирине коркунуч салуучу Францияны колдогон күчтүү кошуундун таасири жоголду. Ал Америка таасиринен коркпойт. Анткени, ибн Билло кулагандан кийин ал жерде АКШнын этибарлуу адамы калбаган. Кошуун Франциянын тиреги эле. Ошондуктан, көбүрөөк андан кооптончу.

Алжир жөнүндөгү кеп – ушул. Эми Мароккого токтоло турган болсок, Мухаммад VI атасы Хасан IIге окшоп, англичандардын саясий таасирине моюн сунар эле. Массалык маалымат каражаттарынын кабар беришинче, анын Британиядагы король үй-бүлөсү менен кызуу барды-келди мамлеси болгон, бирок, ал саясий иштерде атасынан тажрыйбасызыраак, чийкирээк эле. Ошондуктан, Британия ага атасына окшоп Америкага каршы тура бербешин кеңеш берди. Мунун себеби кичи Буш доорундагы неоконсерваторлордун менменсирөөсү болду. Ушуга караганда, ал Американын Жакынкы Чыгыш жана Түндүк Африка үчүн түзгөн планын туура түшүнгөнүн билдирди. Демократиялык көрүнүштөр кыла баштады. Министрликтерге оппозициялык партияны да сунуш кылды. Өзүн Америка айтып жаткан азаттык, демократия, адам укуктары сыяктуу ураандарды кабыл алып жаткандай кылып көрсөттү. Өткөн доорлордогу бийлик кылмыштарын козгоого да, массалык маалымат каражаттарында жаңы рубрика ачылышына да жол берди. АКШ менен Марокко ортосунда эркин соода алакаларын жолго коюу үчүн келишим түздү. Келе жаткан марттын башында Марокко парламенти тастыктагандан кийин аны аткарууга киришет. Америка Марокко соода шериктештеринин төртүнчүсү жана Европа союзунан тышкаркы биринчи шериги болду. (Соода айырбаштоо көлөмү 1,5 миллиард долларды түзөт). Буш 2005-жылдын 8-февралында конгресстен Мароккого бериле турган жардамдын көлөмүн көбөйтүүнүн тастыкталышын талап кылды. Жардам көлөмү өткөн жылкы 20-миллиондун ордуна 63 миллион доллар болушун айтты.

Алжир жана Мароккодогу Америкага карата мындай жумшак абал аны Сахро маселеси туурасында бейгам кылып койду. Анткени, ал Сахрого Сахро республикасын тикелөөнүн астанасы катары карагандан көрө, көбүрөөк Африка түндүгүнө кирип баруу эшиги катары карар эле.

Ошентип, Америка убакыттын өтүшү менен референдум өткөзүлүшүнө жана автономия болуш үчүн беш жылдан кийин болсо да референдум

өткөзүлүшүнө ыраазы болду. Бул сунушту (эгемендүүлүк да, кошулуу да эмес, орто чечимди) Жеймс Бейкер киргизген эле. Кийин эки тарап келишпегендиги жана Марокконун үчүнчү чечимге сак тургандыгы шылтоосу менен 2004-жылдын июнунда Жеймс Бейкер иштен бошоду. Сахро иштери дагы тымып калды. Эгер Марокко жана Алжирдин позициясы Америкага карата жумшак болбогондо референдум токтому баскычтуу автономияга, андан кийин референдумга айланып кетпеген болор эле. Жеймс Бейкер да иштен кетпестен, Америка өзүнүн Сахро жөнүндөгү көз карашында суздук кылбас эле.

Ушуга карабастан, Америка Сахро проблемасы арканынын бир учун дагы деле кармап келе жатат. Ал ишти бүтүргөнү жок. Жөн эле абалга карай токтотуп койду. Бул эки өлкөгө экономикалык жолдор жана саясий пландар аркылуу кирип баруу мүмкүнчүлүгүн көрүп турат. Эгер абал өзгөргүдөй болсо, же экономикалык жолдор жана саясий пландар иш бербешине көзү жетсе, Сахро проблемасын кайрадан – мурункудан беш бетер кылып козгойт.

Америка жөнүндөгү сөздөр мына ушулар.

Эми Европа жөнүндө токтолобуз. Муну менен биз, Испаниянын мурдагы премьер-министри Хосе Марио Аснардан кийинки т.а. азыркы убактагы Франция жана Испанияны назарда тутуп жатабыз. Алар мына ушул жымжырттыктан пайдаланып, бул проблеманы Алжир жана Мароккону канааттандыра турган түстө, турмуш чындыгына ылайык чечүүгө киришишти. Ал сахролуктарды кеңири автономиясынын болушуна, бул иштин баскычтуу чечим экендигине, кийинчерээк Марокко менен өз ара тил бириктирип конфедерацияга т.а. эки мамлекеттен турган союзга жетишүү мүмкүндүгүнө ишендирүүдөн турат. Мындан максат, Америка ушул регион аркылуу түндүк Африкага өтө турган тешикти чып бекитүү эле. Британия да бул иште аларга түздөн-түз жардам берди. Бирок, ал өзүн көрсөткөн жок. Анткени, Түндүк Африкадагы (Ливия, Тунис, Марокко жана Алжир) агенттеринин тизгини анын колунда болуп, ал ишти узактан күзөтөр эле.

Ошентип, Франция менен Испания Сахро проблемасындагы бул жым-жырттыктан пайдалануу үчүн бар мүмкүнчүлүктөрүн ишке салды.

Франция али да түндүк Африка – Тунис, Алжир жана Мароккодогу илгерки жерлерине кайтып келүү арзууларынын кучагында. Кыйладан бери бул жолго экономикалык жана сакофий кадамдар коё башталган эле. Анткени, түздөн-түз саясий жолду тутуу эшиги ал үчүн Америка жана Британия тарабынан жаап коюлган эле. Төмөнкүлөр ушул кадамдар катарына кирет:

•Ширак Бутифликаны 2004-жылдын апрелинде болуп өткөн президенттик шайлоолордо ийгиликке жетиши менен куттуктоо үчүн Алжирге кылган кыска мөөнөттүү визити учурунда, журналисттер алдында Францияны эки мамлекет ортосундагы кызматташтык келишимине кол коюуга аракет кыларын билдирди;

•2005-жылдын 11-февралында Франция инвесторлорунун делегациясы Алжирге келип, инвестицияга тиешелүү жактарын үйрөндү;

•Марокко менен өзгөчө жеңилдиктерге ээ экономикалык алакалар орнотулду. Анткени, Франция Мароккодогу эң ири чет элдик инвестор болуп эсептелет (анын инвестициялары жалпы инвестициялар көлөмүнүн 13%тин түзөт). Андан кийинки катарда Испания, Америка жана Саудия турат. Бул мамлекеттердин ар биринин инвестиция көлөмү 4%ти түзөт.

Испанияны да Мароккодо өз кызыкчылыктары жана ага жараша проблемалары бар. Айрыкча, Сабта жана Малиланы басып алуу, Жер Ортолук деңизи жана Атлантика океанындагы коңшучулук маселеси. Булар экономикалык иштер. Аң уулоо жана саякат жаатына келсек, ал көптөн бери Сабта жана Малила проблемасын чечүүгө умтулуп келет жана Марокко ал жерлердин автономдуу болушуна көнүшү менен Испаниянын ага мыйзамдуу өкүмдар экендигин тан алат.

О.э. Алжирдин «Сонатрак» компаниясына караштуу газ куурлары да бар. Ал Марокко аркылуу өтүп, Испанияны жылына 8 миллион кубометр табигый газ менен камсыздайт.

Ошентип, Франция менен Испания мүмкүнчүлүк туулар замат Мароккого кирүүгө аракет кыла баштады. Алар Сахро проблемасын чечүү Мароккого, андан кийин Алжирге өткөзүүчү тешик экенин, кокус ал ого бетер жалындаса, Америка үчүн регоинго эшик ачылышын билишер эле. Сахро проблемасы Америка таасиринин Түндүк Африка регионуна өтүшү үчүн тешик экени жөнүндөгү сөздөр француз жетекчилери тилинен бат-бат угулуп турат. Франция муну Америка менен өз ара келишим түзүп таанылган Аснар башчылыгындагы элдик партия Испанияда өкүмдар болгон убакта түшүнгөн эле. Ал Франциянын Сахро күрөшүнө карата тутулган позициялар маселесине аралашышына каршылык кылат эле. Бирок, кокустан Испаниядагы өкмөт башына европапарастыгы, айрыкча французпарастыгы менен таанылган Сапатеро башчылыгындагы социалисттик партия келди. Мына ошондо Франция Сахро проблемасына ылайыктуу чечим табуу аркылуу Түндүк Африка регионундагы Америка таасирине каршы туруу үчүн Испания менен шериктештик кылууга ыңгайлуу учур тапты. Мурунураак Ширак бир нече жолу өзүнүн мамлекети Марокко менен Алжир ортосундагы тартышуулар жана саясий карама-каршылыктарды токтотуп, жакшы мамилелерди тикелөө аркылуу Сахро күрөшүнүн саясий чечилишин колдоп-кубаттарын билдирген эле.

Ырас, күрөш Франция, Испания жана Америка ортосунда жүрүп жаткан соң, ырас, ал Англия агенттеринин кызыкчылыктарына зыян жеткирүү даражасына жетпеген соң, Англия өзүнүн түлкү мүнөзүндө кала берет т.а. ушул үч тараптын күрөш жүрүшүндө алсырашын күтүп жата берет.

Ошондуктан, Франция, Испания жана Британия Америка тарабынан келе жаткан селди көрүп, Түндүк Африканын жаңы саясатын жымсалдамакчы болушту. Анткени, ал муну менен Америка таасирин

кайтара алсын, эч болбогондо ушуга аракет кылсын. Батыш сахро проблемасы Америка кирип келүүчү тешик болуп саналат. Ошондуктан, Европа бул маселеден, аны Америкадан бөлөк абалда чечүү менен кутулмакчы болуп жатат.

**II.** Ушул мамиле менен Испания королу 2005-жылы 17-январда Мароккого келди. Келүүдөн көздөлгөн негизги максат, Сахро проблемасын чечүүгө жардам берүү эле. Испания ушул шылтоо аркылуу бир ок менен эки коён атат: Биринчиден Американын Түндүк Африкага өтүп жаткан тешигин жабат. Экинчиден, Сабта жана Малила маселелсин биротоло үзүл-кесил чечет. Т.а. ал Мароккого жага турган чечимди сунуш кылат. Сунушка ылайык Сахро Марокко суверенитети астындагы автономия болот. Испания аны Сабта жана Малила маселесине алмаштырат. Т.а. алар үзүл-кесил түстө Испания суверенитети астындагы автономия болот. Айрым массалык маалымат каражаттары 2005-жылдын 23-январында бул тууралуу кабар берген. Бул максат визиттен мурунку жана кийинки иштердин бардыгынан көрүнүп турат. Испания ушул жылдын баштарында королдун визитинен мурун тышкы иштер министри Моратиносту Алжирге жиберди. Жакында, келерки айда Испания премьер-министри Алжирге барат. О.э. бул жерде Марокко королунун да, Испания королунун да визит учурунда Сахро проблемасы жөнүндө берген расмий билдирүүлөрү да турат. Бул максат экинчи даражалуу: мамилелерди изилдөө, Марокко жээктеринин тушундагы Лайло (Перехил) аралы үстүндө болуп өткөн чыр-чатактан келип чыккан абалдарды оңдоо, эконимикалык мамилелер (бул жаатта Испания Франциядан кийинки экинчи орунда турат), о.э. Марокко менен Испания ортосундагы Жабалут-Торик (Гибралтар) кысыгы аркылуу өтө турган деңиз туннели жөнүндөгү пикирди кайра үйрөнүү сыяктуу иштер менен жаап-жашырылды.

Келүү жана келүү учурундагы билдирүүлөр негизги максат ушул экендигин көрсөтүп турат. Король Мухаммад VI өз мамлекетинин Сахро

маселесин саясий сүйлөшүүлөр жана келишимдер аркылуу үзүл-кесил чечүүдө БУУ менен болгон кызматташтыкка баш ийишин билдирди. Ал бул сөзүн Испания королу 2005-жылы 17-январда Мароккого келгенде, ага атап уюштурулган кечки зыяпат учурунда айтты. «Саясий чечимден максат, түштүк региондор (Сахро жерлери) калкына өздөрүнүн чегара иштерин Марокконун суверенитетин, аймактык жана улуттук бүтүндүгүн урматтаган абалда өздөрү башкарууларына мүмкүнчүлүк берүү» деген сөздү да кошуп койду.

Испания өкүмдары буга жооп катары мындай деди: «Биздин мамлекетибиз бул маселенин БУУ токтомдорунун алкагында, баарына макул келген, үзүл-кесил, адилет чечилишин сунуш кылат». Кийин Батыш Сахро маслесине ишара кылып, төмөнкүлөрдү кошумчалады: «Биздин мамлекетибиз сүйлөшүүлөр аркылуу кызыкдар тараптар өкүлдөрү ортосунда эл аралык мыйзамдуу жана БУУ хартиясы алкагында адилеттүү, үзүл-кесил келишүү чечимине жетишүү үчүн, айрыкча, көз караштарды жакындаштырууга этибарын каратат». Марокко королунун да, Испания королунун да билдирүүлөрүндө «үзүл-кесил» сөзүнүн кайталанып жатканына этибар бергиле.

Башка тараптан «Полисарио» фронтунун жетекчиси полковник Мухаммад Абдул-Азиз ушул күндөрдө Мароккого визит жасаган Испания өкүмдарынын аракеттерин жогору баалады. Сахро кабар агенттигинин кабар беришинче, «Полисарио» полковниги Испания королу катары Карлоско, анын мына ушул визиттен пайдаланып, Марокко менен Сахро фронтунун ортосундагы чыр-чатакты чечүүдө маанилүү рол ойношу мүмкүндүгүн билдирген.

О.э. Мексика президенти 2005-жылы 11-февралда Мароккого келишинен мурун Мадридге тийип өттү. Мароккодон кийин Алжирге келди. Аны

Испаниядан Мароккого, андан Алжирге өтүшүнөн көздөлгөн максат,

Испаниянын ушул маселеде Мексиканы ортомчу кылып алууга урунушу экендигин көрсөтөт. Анткени, Мексика Сахро жумуриятын тан алган. Массалык маалымат каражаттарынын, өзгөчө, «Ал-Хаят гезитинин 2005-жылы 13-февралдагы кабарларына караганда, Мексика президенти келишинин биринчи күнү эле Марокко жетекчиси менен Сахродогу чыр-чатак күч алып жатканы, түндүк Африка регионундагы абал, Марокко-Алжир мамилелери, Сахро маселесине саясий чечим издөө жөнүндө саясий сүйлөшүүлөр алып барды.

Мына ушулардан көрүнүп тургандай, Испания королунун сапар кылышынан негизги максат, Сахро проблемасын т.а. Америка таасиринин Түндүк Африкага өтө турган тешигин жабууну көздөөчү француз-испан планы негизинде чечүүгө урунуу болгон.

Бул али Европа өзүнүн Америка менен Түндүк Африка жаатында алып барып жаткан күрөшүндө жеңишке жетти дегени эмес, ал үчүн ал сахро проблемасын үзүл-кесил чече алышы керек. Бирок, бул оңой иш эмес. Анткени, проблема арканы же анын чоң бөлүгү дагы деле Америка менен БУУнун колунда, ал эми, БУУ дегениң да Америка дегени да.

Ошентип, Түндүк Африка жаатындагы Европа-Америка күрөшү кызуу түс алды. Бул нерсе Американын эл аралык саясаттагы жеке өкүмдарлык тактысынан аста-секин түшүп жатканын көрсөтөт деп айтууга болот.

**III.** Эми Мароккодогу бийлик маселесине токтоло туган болсок, ал – королдун колунда, али анын колунан чыгып кеткени жок. Көзгө урунуп жаткан либералдаштыруу, сөз эркиндиги, мурунку коопсуздукка тиешелүү кылмыш иштерин козгоо – булардын баары Американын Жакынкы Чыгыш жана Түндүк Африка үчүн түзгөн планы негизинде жүрүүнүн талабы. Алар король бийлигин алсыратпайт, тескерисинче бекемдейт. Ал Британия насааттары менен Мароккодогу Британия таасирин бекемдөө жана өз падышалыгын сактап калуу үчүн ушунтип жатат. Британия Каззофийге да кудум ушундай кеңеш берген эле. Т.а: Куралдар маселесинде Америкага

моюн сунуу жана аларды америкага тапшыруу. Булардын баары Каззофийди Американын ага каршы козголушу коркунучунан асырап калуу үчүн кылынган эле.

Ошондуктан, король бийлик башына келгенинен тартып Батыштагы демократиялык көрүнүштөр ыкмасында айрым иштерди кылды. Мурунку социалисттик биримдиктин жетекчиси Юсуфка 1998-жылы премьер-министрликти тапшырды. Аны оппозицияга каршы деп эсептер эле. Ошондон кийин адамдарга басым өткөрүү бир аз азайды. Ошондо да эсеп-китептүү т.а. бийликти термелте турган эмес, бекемдей турган түстө. Королдун парламент ачылышындагы билдирүүсүндө айтылган көпчүлүккө, оппозиция жана ортозарларга бөлүштүрүлүүчү саясий уюлдардын тикеленишине чакырган сөздөрүн мына ушул агымдан келип чыгып түшүнүү керек. Ушул себептен улам, Буш бир нече мамилелер менен демократиялык Мароккону жогору баалады. Акыркысы бүгүнкү Брюссель билдирүүсү болду. Кеп арасында Марокко демократиясын эске алып, аны бул жолдо ылдам бара жаткан мамлекеттер катарына кошту. Ушуга караганда, Мароккодогу демократиялык көрүнүштөргө, бийликтин король колунан чыгып кетиши эмес, мына ушул агымдан келип чыгып баа берилет.

**11-мухаррам ал-харам 1426-х.**

**21-феврал 2005-м.**

## Миср боюнча берилген суроолорго жооптор

## Мисрдеги окуялар жараяны

**Суроо:** *Окуялар жараяндарын күзөтүп жатып төмөнкү нерселер мага түшүнүксүз болуп калды:*

*1 – Белгилүү болгондой, Америка Мисрде күчтүү таасирге ээ. Андыктан, эмне үчүн Саудия, Эмирликтер жана Кувейт Мисрдеги жаңы акимдерди финансылык жактан колдоп-кубаттоодо? Акыры, бул мамлекеттер Британияга көз каранды го?*

*2 – Кала берсе, Эмирликтер Францияны да Малиде колдоп-кубаттап Малиге финансылык жардам жиберди. Акыры, Малидеги күчтүү таасир Британияга таандык эмес го?*

*3 – Эмирликтердеги ал-Арабия телеканалы менен Катардагы ал-Жазира телеканалынын маалымат позициялары бири-бирине карама-каршы экенин да күзөтүп жатабыз. Акыйкатта болсо, Эмирликтер жана Катар экөөсү тең англистердин малайы го? Ушуга байланыштуу Катардагы акыркы өзгөрүү Британиянын ал жердеги саясатына таасир кылабы?*

*4 – Биз Саудиянын коалициядагы Жарба сыяктуу адамдары Катар адамдарына тескери түрдө күчтүү роль ойноп жатканын да көрүп жатабыз. Ко-ош, Сирияда болуп жаткан окуяларда Катар адамдары алсыздана баштадыбы жана Саудия адамдары бекемделдиби?*

*5 – Акыркы суроо: Американын Мурсийден баш тартышы ал «муътадил ислам» деп атап жаткан нерсенин бийликке келишин жеңилдетүү максатынан баш тартканын түшүндүрөбү?*

*Мен бул суроолор созулуп кеткенине «чыдашыңызга» үмүт кылып каламын, Аллах сизге жакшылык сыйлык кылсын. Суроолор созулуп кеткени жана көптүгү үчүн сизден алдын ала үзүр сураймын. Бирок, биз амирибиздин айкөлдүгү жана илими кеңдигин билебиз. Ошондуктан, бизге түшүнүксүз болуп турган нерселерди чечип берет деген үмүттө ушул суроолорду жолдодум.*

**Жооп:** Боордош бул бир суроо эмес, «бир үймөк» суроолор экен!!! Кандай болсо да силерге – инша Аллах – кыскача, бирок түшүнүүгө жолтоо болбой турган таризде жооп беремин:

Бул жерде Британия саясатында кеңири көлөмдүү пландар бар, алар болуп жаткан окуялар жараянын түшүнүүңөргө жардам берет:

1 – Британия азыр Америкага ачык-айкын каршы турууга батына албай жатат. Тескерисинче, өзүн Америка менен бир сапта тургандай көрсөтүүдө. Бирок, алдоого тиешелүү аракет пландарын бекитип алгандан

соң өзүнүн малайлары аркылуу жашыруун түрдө Америка саясатына тоскоолдук коюуда.

2 – Британия өзүнүн малайларына бөлүп берген ролдордун көбү төмөнкүдөй: бул малайлар өздөрүн кудум Америка багыты боюнча бара жаткандай кылып көрсөтүшү жана аны менен кагылышууга барбашы керек. Мисалы, Иорданиянын Америка менен болгон алакаларын алып көрөлү. Саясий аң-сезимге ээ болбогон киши муну көрүп Иордания Америка менен бир сапта турат деп ойлойт. Акыйкатта болсо, Иордания Британия таянычтарынын бири. Эмирликтер да, башка малайлар да ушундай… Бирок, Британия өзүнүн айрым малайлары Америкага каршы турушуна жол берүүдө. Мисалы, Катар ушундай позицияда турат. Бул болсо башка айрым малайлардын ролунан айырмаланат жана башка ушул сыяктуу… Т.а. Британия малайларына ар түрдүү ролдор бөлүнгөн: алардын көпчүлүгү тышынан Америкага жылмайып, достугун билдирип жаткан, парда артынан болсо өз кожоюну Британия кылып жаткандай иш тутуп Американы туңгуюк абалга салып жаткан болсо, алардын азчылыгы дагы да ашкере Американын тынчсызданышына себеп болуп жаткан ролду ойноодо…

3 – Британия Америка саясатына каршы туруууда Франция менен шайкеш иш тутууда. Бул Европа саясаты, өзгөчө Британия менен Франция саясаты алкагында ишке ашууда. Айырмасы ушул, Британия Америка каршысында ыпластык, аярдык жана алдамчылык менен иш жүргүзүп жаткан болсо, Франция бакырып, дүрбөлөң көтөрүү менен иш тутууда… Көбүнчө Британия өз саясатын Франция артында туруп алып ишке ашырууда! «Британия акыркы француз аскери калганга чейин согуша берет» деген белгилүү макал бар. Бул мурунку замандарда болгон болсо да, бирок анын мааниси – аз даражада болсо да – дале сакталып келүүдө.

4 – Саудияда бийликте Британияга моюн сунган адамдардын бири король Абдуллах башчылык кылып жаткан болсо да, бирок Америка башка

айрым амирлерге таасири бар. Бул таасир Америка саясаты үчүн бир жылжып кире турган жолду жаратып берет…

Ушулардын негизинде суроолоруңузга жооп анык болушу мүмкүн:

а) Катар жөнүндө айта турган болсок, Катардын мурунку амири жана тышкы иштер министри Катарды Британиянын Булуңдагы борбордук очогуна айланта алды. Ошондуктан, Катар бир нече мамлекетке эки таасирдүү курал: маалымат каражаты «ал-Жазира» жана финансылык каражат «нефть» менен аралаша баштады… Катардын иш-аракеттери таасирдүү болуп Американын Сирия жана Палестинадагы саясатына, жада калса Миср о.э. башка мамлекеттердеги саясатына коркунуч туудурду… Америка тынчсызданып калганы Британияга сыр эмес. Британия өзүн Американы тынчсыздантпай турган көрүнүштө көрсөтүүгө урунуп жатканы үчүн ушул амирди өзгөртүүгө ыраазылык берди. Бирок, бул өзгөртүү ушул амирден алыста ишке ашырылган жок, тескерисинче, анын ордуна уулу амир болду. Т.а. Британия саясаты өзгөргөн жок. Бирок, бул уул атасындай таасирге ээ болуп Американы тынчсыздантышы үчүн ага убакыт керек. Демек, муну менен Британия Америка тынсызданууусун басып, аны тынчтандыргандай болот… Т.а. бул иш Британиянын Американы мазмуну жагынан эмес, тышкы көрүнүшү жагынан ыраазы кылуу үчүн колдонгон ыкмасы болуп эсептелет (т.а. Британия Американы ыраазы кылуу үчүн өзүнүн бир малайын башка малайына алмаштырды).

б) Катардын ролу мына ушул өзгөрүү менен бир аз азайды. Анткени, жаңы бийлик адамдарынын таасирдүү саясий иштердеги тажрыйбасы мурунку бийликтегилердикинен кемирээк. Бирок, ошого карабастан Катар Британия саясаты алкагында дале аярдык жана ыпластык менен аракет кылууда. Болгону мурункудан көрө күчсүз роль менен аракет кылууда. Ошондон келип чыгып Катардын Сириядагы адамдарынын активдүүлүгү мурункудан көрө азыраак болуп калды деп айтууга болот.

в) Саудиянын адамдарына келсек, алар активдүү аракет кылышууда жана Америка менен Британия тарабынан көбүрөөк кабыл алынууда. Анткени, король Британияга моюн сунат, Америка болсо королдун үй-бүлөсүндөгү айрым амирлер менен биргеликте олуттуу аракет кылууда.

Ал эми, Жарба Саудияга жакын болсо да, бирок ал Америка саясаты алкагында жүрөт. Ошондуктан ал – Саудия аны канчалык колдоп-кубаттабасын – Америкага итаат кылудан чыга албайт. Анткени коалиция жалпысынан алганда Америка куурчагы болуп эсептелет. Ошондуктан, ага Америкага моюн сунган кимсе гана башчы болуп тура алат.

г) Мали жана Эмирликтердин финансылык жардамдары жөнүндө айта турган болсок, белгилүү болгондой Америка Малиде 2012-жылы 22-мартта жүз берген биринчи өзгөрүүнүн артында турган жана бул өзгөрүү Францияга берилген кыйраткыч сокку болду. Ошондуктан, Франция өзүнүн таасирин кайра тикелөө үчүн олуттуулук менен аракет кылды. Британия болсо Малиде таасири жоктугун, тескерисинче таасир Францияга таандык экенин жана Америка Францияны сүрүп чыгарып, андан ушул таасирди тартып алууга урунуп жатканын жакшы түшүнөт. Ошондуктан, табигый түрдө Британия Францияны колдоду. Күрөш Америка менен Франциянын ортосунда гана болуп жатканы үчүн Британия Францияны колдоду. Ошон үчүн Эмирликтердин Францияга малай болгон Малидеги бийликке берген финансылык жардамдары Британиянын Францияны колдоп жатканы менен туура келет.

д) Эми, Британиянын Мисрде болуп жаткан окуяларга т.а. Эмирликтер делегациясынын жана Иордания королунун Мисрге жасап жаткан сапарларына о.э. анын малайлары Мисрге финансылык жардам көрсөтүшүнө карата позициясына келсек, бул позиция да жогоруда айтылган кеңири көлөмдүү пландардын алкагынан чыкпайт… Эмирликтердин ролу Катардын ролунан башкача болуп жатканынан жүзөгө келген чаташтыкка келсек, Британия саясаты боюнча ролдордун бөлүштүрүлүшү натыйжасында

ушундай абал түзүлдү. Ошондуктан, Мисрдеги окуялар кандай натыйжаларга алып келиши күтүлүп Британиянын бул малайы Америкага жакындашып жаткан болсо, тигиниси алысташууда… Эмирликтер Мубарак режиминин адамдарын мейман катары кармап турушу да мына ушул кеңири көлөмдүү пландардын алкагынан чыкпайт. Анткени, Мубарак адамдары дагы бийликке кайтышы күтүлүүдө. Андай боло турган болсо Британия саясаты үчүн Эмирликтер аркылуу – тар болсо да – бир кирүү жолу пайда болот!

е) Эми, Американын Мурсийден баш тартышы «муътадил исламчылардын» бийликке келишин жеңилдетүүдөн баш тартууну түшүндүрөбү? - деген суроонузга келсек, бул жерде маселе баш тартуу же баш тартпоодо эмес, Американын Мисрдеги таасирин бекемдөөдө. Анткени, Америка Мисрде өз таасирин ондогон жылдардан бери саясий табаканын көпчүлүгүндө орното алды. Ошондуктан, азыр Американын ташбиши Миср анын таасиринин туруктуу борбору болуп калышын камсыздоо. Бул жерде туруктуулук делгенде Америка Миср анын таасиринин жана долбоорлорунун бир тынч базасы болуп калышына жетишүүсү назарга алынууда… Ошондуктан, 2011-жылы 25-январда элдик козголоңдор башталып – Америка муну күтпөгөн эле – Мубарак бул козголоңдорду бастыра албаган соң, Миср дагы Америка кызыкчылыктары ишке аша турган бир ыңгайлуу чөйрө болуп калышы үчүн Мубарак туруктуулукту кайра орното албагандан кийин Америка Мубаракты четке ыргытып, элдик козголоңдордун толкунуна минип алды. Мурсий Америка долбоорлорун, айрыкча яхудий мамлекети менен түзүлгөн Кэмп-Дэвид келишимин ишке ашырышы жөнүндө Америкага кепилдик бергенден кийин Америка Мурсийди бийликке алып келди, кийин аны колдоп-кубаттады… Америка Ихванды «Улуттук партия» бекер кылынгандан кийин эң негизги жана эң чоң партия деп маани бергени үчүн Мурсийден Америка кызыкчылыктары үчүн дагы туруктуулукту орнотушун күттү. Америка Ихвандагылардан кудум «Улуттук партия» кулатылган президент менен бирге кылгандай абалды турукташтырууга аракет кылышын

күткөн… Бирок, Мурсий муну ишке ашыра албады. Ошондуктан, Америка андан да баш тартты жана 2013-жылы 3-июлда жаңы бийликти колдоп-кубаттады…

Ушуга ылайык, Америка «муътадил исламчыларды» бийликке алып келүүнү жеңилдетүүдөгү акыркы жылдарда алып барган саясатынан башка бир себепке ылайык Америка Мисрдеги «муътадил ислам» өкүлдөрүнөн баш тартты. Америка бул саясатты төмөнкүчө бир ок менен эки коёнду атуу үчүн кабыл алган:

Биринчи: Ислам башкаруусуна талпынып жаткан мусулмандарды алдоо… Анткени «муътадил исламчылар» демократия жана республиканы жарыя кылып, бул үчүн ант беришкен болсо да, бирок алардын «исламчылар» деп аталышы мусулмандарды туйгусуна тийди, натыйжада алар ушул исламчылардын бийликке келишин Исламдын бийликке келиши деп ойлошту… Убакыттын өтүшү менен алардын Ислам башкаруусун т.а. Халифалык түзүмүн жүзөгө келтирүү үчүн туура аракет алып барууга болгон кайраты суздашты… Америка мына ушул нерсени каалап жаткан. Анткени, Халифалык Американын тынчын бузууда…

Экинчи: Америка адамдардын туйгуларына таасир кылуу үчүн исламчылардан пайдаланып өз таасирин бекемдөөнү камсыздоо… Эгер, исламчылар Америка таасирин бекемдей алышпаса Америка алардан баш тартып жиберет. Мурсий менен дал ушундай иш тутуп, андан башкаларды колдоп-кубаттоодо. Айрыкча, Америка узак жылдар бою Мисрде өзүнүн малайларын даярдап койгону үчүн малай саясатчыларга муктаж болбогон соң, анын ушундай иш тутушу дайын эле!

л) Кинана калкы мына ушуну түшүнүп жетиши керек. Америка Мубарак доорундагындай алып ташталган Мурсий доорунда да күчтүү таасирге ээ болуп турду, азыркы өкмөт доорунда да ал ушундай таасирге ээ болуп турат. Демек, кеселдин башы жана балээнин булагы – Америка. Ошондуктан, Аллах жана Расулуна ыйман келтирген ар бир мусулман

Америка таасирин түп-тамыры менен сууруп таштоо жана анын малайларын жок кылып, Ислам башкаруусу болгон рошид Халифалыкты Кинана жерине кайтаруу үчүн олуттуулук менен аракет кылышы важиб. Ошондо Кинана дагы исламий өлкөлөрдүн борборуна айланат. Халифалык өтмүштө кресттүүлөрдү жана монголдорду жок кылгандай Ислам жана мусулмандардын душмандарын да жок кылат, яхудий мамлекетин кыйратат, ыйык жерди дагы Ислам жана мусулмандардын кучагына кайтарат. Бул болсо Аллахка таптакыр кыйын эмес.

**12-рамазан, 1434-х.**

**21-июль, 2013-м.**

## Мисрде жараштыруу кандай болушу жөнүндө

**Суроо:**

*Мына бир нече айдан бери Мисрде кыргын кылуу, камакка алуу, көчөлөр жана аянттарда ойрон кылуу сыяктуу зомбулуктар токтобой жатат, турмуш өз нугунан чыкты, адамдар экиге бөлүнүп калганы жаркын байкалууда… Бул абалда Америка, Европадан ортомчулар чыга келди, ал тургай, Россия да Миср менен алакаларды баштап жиберди, Кытай да мурунун тыгышы ыктымалы бар! О.э. мындай ортомчулук жана жараштыруу аракеттерине айрым жергиликтүү, партиялык жана партиялык эмес күчтөр, таасирдүү адамдар да аралашты… Бирок, эч кандай натыйжа чыккан жок. Адамдардын урматтоосуна ээ Хизбут-Тахрир мындай ортомчулукка да, жараштырууга да, жарашууга да аралашпаганы биздин көңүлүбүздү бурду. Биз ушул Хизб Расулуллах агатөмөнкү сөздөрүн унуткан деп ойлобойбуз:*

**«أَلاَ أُخْبِرُكُمْ بِأَفْضَلَ مِنْ دَرَجَةِ الصِّيَامِ وَالصَّلاةِ وَالصَّدَقَةِ؟» قَالُوا: بَلَى، يَا رَسُولَ اللَّهِ قَالَ: «إِصْلاحُ ذَاتِ الْبَيْنِ، وَفَسَادُ ذَاتِ الْبَيْنِ الْحَالِقَةُ»**

***«Силерге орозо, намаз жана зекет даражасынан да жакшы амал жөнүндө кабар берейинби?». Ооба, кабар бериңиз, я Расулуллах,***

***дешти. Ал зат мындай деди: «Адамдарды жараштыруу, анткени, адамдар арасын бузуу динди жок кылат».***

*Суроо мындай, Хизбдин ортомчулук, же сулх, же жараштыруу иштерине аралашпашынын бирер себеби барбы? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын!*

**Жооп:**

Биринчиден: Оболу, сизге Хизбге ишенгениңиз жана ал жөнүндө жакшы күмөндө болгонуңуз үчүн рахмат, Аллах Субханаху баарыбызды иштерибиздин эң туурасына жолдосун, Аллах Субханаху угуучу жана кабыл алуучу Зат.

Ооба, биз Абу Давуд Умми Дардадан, ал Абу Дардадан риваят кылган Расулуллах агаушул хадисин унутканыбыз жок. Бирок, сулх жана жараштыруу маселесинде башкасынан эмес, шарияттан өкүм суралышы керек. Ушул себептен улам, эгер сулх жана жараштыруу арамды адал кылса же адалды арам кылса, ал жайиз эмес. Бул нерсеге бизди Расулуллах с.а.в. өзүнүн бир нече хадиси шарифтеринде буюрган:

Абу Давуд «Сунан»ында Абу Хурайра р.а.дан риваят кылат: Расулуллах с.а.в. мындай деди:

**«الصُّلْحُ جَائِزٌ بَيْنَ الْمُسْلِمِينَ»**

**«Сулх мусулмандардын ортосунда жайиз»**. Имам Ахмад ушуларды толуктады:

**«إِلاَّ صُلْحًا أَحَلَّ حَرَامًا، أَوْ حَرَّمَ حَلاَلاً»**

**«Арамды адал же адалды арам кыла турган сулх жайиз эмес».**

Сулайман ибн Давуд риваятында Расулуллах с.а.в. мындай деген:

**«الْمُسْلِمُونَ عَلَى شُرُوطِهِمْ»**

**«Мусулмандар өз шарттарында турушат».**

Имам Тирмизий «Сунан»ында Касир ибн Абдуллах ибн Амр ибн Авф Музанийден, ал атасынан, ал чоң атасынан риваят кылат: Расулуллах с.а.в. мындай деди:

**«الصُّلْحُ جَائِزٌ بَيْنَ المُسْلِمِينَ، إِلاَّ صُلْحًا حَرَّمَ حَلاَلاً، أَوْ أَحَلَّ حَرَامًا، وَالْمُسْلِمُونَ عَلَى شُرُوطِهِمْ، إِلاَّ شَرْطًا حَرَّمَ حَلاَلاً، أَوْ أَحَلَّ حَرَامًا»**

**«Сулх мусулмандар арасында жайиз, арамды адал кыла турган же адалды арам кыла турган сулх гана жайиз эмес, мусулмандар өз шарттарында турушат, бир гана адалды арам кыла турган же арамды адал кыла турган шарт мындан сырткары»** (Тирмизий бул хадисти хасан сахих деген).

О.э. Ибн Хиббан да өзүнүн «Сахих»инде Абу Хурайрадан мындай лафз менен риваят кылган:

**«الصُّلْحُ جَائِزٌ بَيْنَ الْمُسْلِمِينَ إِلاَّ صُلْحًا أَحَلَّ حَرَامًا أَوْ حَرَّمَ حَلاَلاً»**

**«Сулх мусулмандар арасында жайиз, бир гана арамды адал кыла турган же адалды арам кыла турган сулх жайиз эмес».**

Экинчиден: Биз Мисрдеги эки топтун иштерине сереп салып көрдүк жана алардын абалдарынан таң калдык:

Алар Аллахтын өкүмү үстүндө жаңжалдашып жаткан жок т.а. бир топ Аллахтын өкүмү менен өкүм жүргүзүп, экинчиси аны менен өкүм жүргүзбөй жаңжалдашып жаткан жок. Эки топ тең мурунку башкарууда да, азыркы башкарууда да Аллахтын өкүмү менен өкүм жүргүзбөдү!

Алар шарият өкүмдөрүнөн турган дастур (конституция) тууралсында жаңжалдашып жаткан жок, тескерисинче, ыплас дастур үстүндө чыр-чатакташууда. Анткени, мурунку режимдин дастуру батыл болгон болсо, азыркы режимдин дастуру батылдыкта андан да бетер!

Алар яхудий мамлекетине карата позицияда жана мурунку башкарууда күчүндө калган, дагы эле күчүндө турган «Кемп-Девид» келишими үстүндө талашып жатышкан жок. О.э. алар яхудий мамлекетине газ берүү үстүндө чатакташып жаткан жок, себеби, газ яхудийлерге мурун кандай берилген болсо, азыр да ошондой таризде берилүүдө!

Алар Сувайш (Суэц) каналынан амалда согуш абалындагы мамлекеттердин кемелеринин өтүшүнө карата чара көрүү туурасында да тартышып жаткан жок, бул кемелер бүгүн да өтүп жатат, кече да өткөн.

О.э. алар мусулмандардын акысы болгон нефть, газ, кен… сыяктуу умумий мүлктөрдүн мусулмандарга таратылышы үстүндө да тартышпай жатат, бул мүлктөр бүгүн да, кече да Кинана «акулаларынын» курсактарын тойгузууда.

Алар Америка менен мамиле кылуу маселесинде да талашпай жатышат, бул алака үзүлбөй, дагы эле улануудa.

Үчүнчүдөн: биз түшүнүп турабыз, ырас, бул эки топтун бири армияны душман жеринде согуш алып барууга үндөө ордуна, Миср жеринде согуш алып барган соң, экинчи топ болсо, Миср көчөлөрүн адилеттүү Халифалык түзүмү чакырыктары жаңырган көчөлөргө айлантуунун ордуна, батыл ыплас башкарууга жетүү үчүн күрөш майданына айланткан соң, Аллахтын жер жүзүндөгү Кинанасы болгон Миср калкы эч качан жакшы жашоого жетпейт…

Ырас, эки топ Исламды четке сүрүп койгон илманий республикалык жана жарандык мамлекетке о.э. өкүмдарлыкты инсандардын Роббисине берүүнүн ордуна, калкка тапшырып койгон демократияга чакырган соң, Миср калкы жакшылыкка да, тынчтыкка да, коопсуздукка да жетише албайт.

Бул эки топ Аллах тарабынан эч бир хужжат келбеген дастурду алып, Өз өкүмдөрүн Үммөт кызыкчылыгы жана изгилиги үчүн түшүргөн ааламдар Роббиси Аллахтын дастурун чет сүргөн соң, Миср калкы жакшылыкка да, тынчтыкка да, коопсуздукка да жетише албайт.

***«Жараткан Зат*** *(Өзү жоктон бар кылган нерселерди)* ***билбейби?! Ал мээримдүү жанан*** *(ар нерседен)* ***кабардар Зат»*** [67:14]

О.э. «Кемп-Девид» келишими бекер кылынып, тарых таштандысына ыргытылышынын ордуна, Палестина баскынчысы «Израиль» менен кечеги

жана бүгүнкү малай режимдер ортосунда күчүндө кала берген соң, Миср калкы жакшылыкка да, тынчтыкка да, коопсуздукка да жетише албайт.

Палестина баскынчылары болгон яхудий мамлекетине газ берүү токтотулуп, яхудийлер тарабынан адамдардын каны сорулушуна чек коюу ордуна, дал ушул газ ошол баскынчы мамлекет тарапка бериле берген соң, Миср калкы жакшылыкка да, тынчтыкка да, коопсуздукка да жетише албайт.

Умумий мүлк акылууларга, анын катарында, Мисрдин улуу калкына кайтарылуунун ордуна, туура эмес жолдор менен бийликте мансаптарда олтургандардын капчыгына түшө берген соң, Миср калкы жакшылыкка да, тынчтыкка да, коопсуздукка да жетише албайт.

Америка менен алакалар үзүлүшү ордуна, иш жүзүндө бул мамилелер уланып, Америка арканы Вашингтондон Каирге чейин тартылган соң, Миср калкы таптакыр жакшылыкка жетише албайт.

Андыктан, Миср калкы качан Аллахтын жер жүзүндөгү Кинанасы Халифалык таянычтарынын бекем бир таянычына айланып, Халифалык өзүнүн алгачкы тарыхына: Миср Рум өкүмдарлыгынан азат болгон, кийин кресттүүлөрдү Палестина жеринен кууп чыгарган, мусулман өлкөлөрүн монголдордон азат кылган тарыхына кайтканда жакшылыкка жетишет… Мына ошондо ал өзүнүн баштапкы сийратын – Аллахтын уруксаты менен – толугуна жеткирип, Палестинаны яхудий мамлекетинен азат кылып, яхудий мамлекетин дым-дарексиз жок кылат…

Төртүнчүдөн: Биз бул эки топго назар салып ушуну көрдүк: алар чечимди Чыгыш-Батыштан издеп жатышат, ар кандай ортомчулар жардамында өлкө ичинен жана сыртынан да чечим издешүүдө, бирок, эч бир хидаятка жетишкен жок. Себеби, алар чечим бере албайт жана алар аракет кылып жаткан чечим да эч бир жакшы натыйжага алып келбейт:

Тышкы ортомчуларды Миср да, анын калкы да кызыктырбайт. Андыктан, акыл ээси, пикирлүү, аң-сезимдүү киши Америкадан жакшы чечим күтөбү, акыйкатта болсо, ал Мубарак, Мурсий жана

ынкылапчылардын башкаруусу артында турган го?! Мына ушул Америка Мубарак, Мурсий жана ынкылапчылар доорундагы кыргындардын артында турган, Американы каза болгондордун саны да, ойрондулардын көлөмү да кыпындай кызыктырбайт! Америка Мисрде өз таасирин бекемдөөдөн гана кызыкдар… Анын өтмүшү гана эмес, а түгүл, Ирак жана Афганистандагы учуру да буга күбөлүк берип турат. Абалы ушундай болгон соң, ал Миср жана анын калкы үчүн бирер туура чечим бериши мүмкүнбү? Обама жана өкүлү Керри Миср жана анын калкына жакшылык каалашабы? Шек-күмөнсүз, алардын бул абалы бүтүндөй жок болот, алар Ислам жана мусулмандарга эч кандай жакшылыкты каалашпайт.

Аң-сезимдүү, пикирлүү адам Европадан бирер жакшы чечим күтөбү? Акыйкатта болсо, 1924-жылы Халифалыктын кулатылышы артында Британия жана анын малайлары турган. Ал – Халифалык жана ага аракет кылып жаткандардын касташкан душманы. Каргаша Бельфор келишими артында турган да, яхудийлердин Палестинаны басып алып, калкын кууп чыгарышын Америка, Франция жана Россия менен бирге колдоп-кубаттаган да, Исро жана Миърож, робат жери болгон Палестинада яхудий мамлекетин тургузган да – мына ушул Британия. Франция болсо, яхудий мамлекетин биринчилерден болуп колдогонунан тышкары, мусулмандарды кыргын кылууда кара тарыхта жазылып калган. Франция бул кыргындарды өтмүштө Алжирде эле жасап калбастан, Малиде төккөн кандары дагы деле кургай элек… Россия болсо, Советтер Союзу ыдырашы артынан Америка менен келишип алып регионубузда кадам таштоодо. Мунун үстүнө, Россиянын Шам тогутун колдоп-кубаттоо позициясы да баарына анык. О.э. Кавказ, өзгөчө Чеченстанда мусулмандарды кыргын кылганы, Казанда мечиттерди бузганы, Татарстанда мечиттердин имамдарын камакка алып, ал тургай, айрымдарын өлтүргөнү, Ислам даъватчыларын камакка алып жатканы да баарынын көз алдында… Мындай мамлекеттен жакшылык күтүп болобу?! Чыгыш Түркстанды басып алган, ал жердеги мусулмандарга чабуулдарды

кылган Кытай ортомчулук кылган тагдырда да, андан бирер жакшылык күтүп болобу?!

Бул чет элдик ортомчулардын баары бизге өлүмдөн башка нерсени алып келбейт, анткени, аларды Кинана калкынын каны эмес, тескерисинче, анын байлыгын соруу жана кызыкчылыктарын ушул кендердин үстүнө куруу гана кызыктырат, алардын башында турган Америка болсо, Мисрди региондогу өзүнүн негизги борборуна айлантууга даярдап жатат… Ушулардан кийин да, акыл жүргүзгөн адам тикенектен гүл күтөбү?! Эштондон, же Керриден, же ушул мамлекеттердин биринен жакшылык, ал тургай, жакшылыктын учкунун да күтүү мүмкүнбү?!

***«Кандай болсун, акыры, эгер алар силерден үстөм болушса, силер туурасында убадага да, милдетке да  карашпайт, ооздорунда силерди ыраазы кылышкан менен, жүрөктөрү ар кылат, алардын көпчүлүгү итаатсыз»***

Ичкеридеги ортомчулар болсо, пайдасыз жок нерсенин артынан жүрүшөт, эки топ сунуштап жаткан республикалык, жарандык жана демократиялык түзүмдөрдү коргоо чечимин каалап жатышат. Акыйкатта болсо, демократиялык түзүм мыйзамчылыкты инсан Роббисине эмес, инсанга берет, кожоюндукту калк Роббисине эмес, калкка тапшырат, жеке адам, дин, мүлк жана пикир эркиндиктери ушунча мусийбаттарды алып келгенине карабастан, аларды тизгинсиз коёт! Ортомчулар бир топту бир нерседен баш тартууга, экинчи топту башка нерседен баш тартууга чакырып жатышат жана бардык балээ, бактысыздыктардын себепкери болгон мурунку түзүмгө ыраазы болуп жатышат! Өкүнүчтүүсү, ошол ортомчулардын айрымдары Аллахтын:

***«Намазды аткаргыла»***

деген сөзүн түшүнүп, намаз окушат жана намаздан баш тартууну каалашпайт, бирок, Аллахтын:

***«Алардын ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын»*** [5:49]

деген башка сөзүн түшүнүшөт го, андан баш тартышат, Аллахтын жаза-хаддарын колдонууну айтуудан «кыжалат» болушат, эгер тараптардын бири Халифалык түзүмүн талап кылса, чочуп кетишет, себеби, алар Америка, Европа, Россия жана Кытай каарынан коркушат. Чынында, бул, таң калычтуу!

Бешинчиден: Ошентип, азыркы тышкарыдагы жана ичкеридеги ортомчулар Кинана жана анын калкынын проблемалары үчүн бир да туура чечим бере алышпайт. Негизи, чечим бир, ал да болсо, Халифалык түзүмүндө Аллахтын шариятын өкүмдар кылууга карай бүтүндөй жүздөнүү. Бул түзүмдү Аллах Роббул аламин Өзүнүн Китебинде жана Расулу агасүннөтүндө, сахабалар ψ ижмасында сахих, мустаким далилдер менен фарз кылган:

Аллах Таала бул далилдерди Расулу с.а.в.га хытаб кылып Китебинде келтирген:

***«Адамдар ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын жана сага келген акыйкаттан жүз үйрүп, алардын нафсине ээрчибе!»*** [5:48]

***«Алардын ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкү кылгын, алардын нафсине ээрчип кетпегин жана Аллах сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп, фитнага салып коюшунан этият болгун»*** [5:49]

Жана башка аяттар… Аллахтын Өз Расулу с.а.в.га Аллах түшүргөн нерсе менен башкаруу туурасындагы хытабы – Расулуллах агаҮммөтүнө кылынган хытаб. Бул хытаб пайгамбарыбыздан кийин Аллах түшүргөн нерсе менен башкара турган акимди тикелөө зарылдыгын түшүндүрөт. Хытабдагы бул буйрук катъийликти билдирет, себеби, хытаб темасы – фарз, бул болсо, усул илими боюнча катъийликке карина болот. Ал эми, Расулуллах с.а.в.дан

кийин Аллах түшүргөн нерсе менен башкара турган адам – бул халифа. Ушул жактан биз кабыл алчу башкаруу түзүмү Халифалык түзүмү.

Сүннөттөн алынган далилдерге келсек, Нафиъден риваят кылынат: Ибн Умар мага мындай деди: Мен Расулуллах с.а.в. мындай дегенин уктум:

**«مَنْ خَلَعَ يَدًا مِنْ طَاعَةٍ لَقِيَ اللَّهَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ لا حُجَّةَ لَهُ وَمَنْ مَاتَ وَلَيْسَ فِي عُنُقِهِ بَيْعَةٌ مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً»**

**«Кимде-ким итааттан баш тартса, Кыямат күнү Аллахка хужжаты жок абалда жолугат. Кимде-ким мойнунда байъаты жок абалда өлсө, жахилият өлүмү менен өлүптүр»** (Имам Муслим риваяты). Набий с.а.в. ар бир мусулманга мойнунда байъат болушун фарз кылды жана мойнунда байъат жок абалда көз жумган кишини жахилият өлүмүндө өлүптүр деп сыпаттады, бул, күнөөнүн кандай гана оордугуна далалат кылат. Байъат Расулуллах с.а.в.дан кийин бир гана халифага берилет, андан башкага берилбейт. Имам Муслим Аъраждан, ал Абу Хурайрадан, ал Набий с.а.в.дан риваят кылат:

**«إِنَّمَا الإِمَامُ جُنَّةٌ يُقَاتَلُ مِنْ وَرَائِهِ وَيُتَّقَى بِهِ»**

**«Албетте, имам – калкан. Анын артында туруп согуш кылынат жана аны менен коргонулат»**. Имам Муслим Абу Хазимден риваят кылат: Мен Абу Хурайра менен беш жыл бирге болдум жана андан Набий с.а.в мындай дегенин уктум:

**«كَانَتْ بَنُو إِسْرَائِيلَ تَسُوسُهُمُ الأَنْبِيَاءُ, كُلَّمَا هَلَكَ نَبِيٌّ خَلَفَهُ نَبِيٌّ, وَإِنَّهُ لا نَبِيَّ بَعْدِي, وَسَتَكُونُ خُلَفَاءُ فَتَكْثُرُ. قَالُوا: فَمَا تَأْمُرُنَا؟ قَالَ: فُوا بِبَيْعَةِ الأَوَّلِ فَالأَوَّلِ, وَأَعْطُوهُمْ حَقَّهُمْ فَإِنَّ اللَّهَ سَائِلُهُمْ عَمَّا اسْتَرْعَاهُمْ»**

**«Бани Исраилге пайгамбарлар саясат жүргүзүшчү. Качан бир пайгамбар набыт болсо, артынан башка бир пайгамбар келет эле. Менден кийин болсо пайгамбар жок. Халифалар болот жана алар көбөйүп кетет.** Ошондо: Бизге эмнени буюрасыз? – дешкенде, айтты: **Биринчисинин, биринчисинин гана байъатына бапаа кылгыла жана алардын акыларын бергиле, анткени, Аллах алардан жаранды кандай башкарышканы жнүндө сурайт»**. Ушул хадистерде

халифа калкан т.а. коргоочу, мусулмандарга халифалар саясат жүргүзөт деп сыпатталды, бул болсо, аларды тикелөөгө болгон талапты билдирет.

Сахабалар ижмасынан алынган далилдерге сахабалар Расулуллах с.а.в. көз жумушу артынан бир халифа тикелөө жөнүндөгү ижмасы кирет. Ошондо сөөктү тезинен жерге коюу фарз болсо да, Расулуллах с.а.в.ды даярдоо жана жерге коюу менен алектениши керек болгон бир топ сахабалар халифа шайлоо менен алек болушту жана калган сахабалар аларга сүкүт кылып, муну четке кагууга жана сөөктү жерге коюуга кудуреттүү болушуна арабастан, сөөктү жерге көмүү эки түн кечигишине шерик болушту. Бул болсо, сахабалардын халифаны тикелөө ижмасын баса белгилейт. Расулуллах с.а.в. дүйшөмбү күнү таңда дүйнөдөн кайтты, шейшемби күндүзүнөн тартып түнүнө чейин жерге берилбей турду, кийин Абу Бакр р.а.га байъат берилди, ошондон кийин пайгамбар шейшембиден шаршембиге өтөр түнү жерге коюлду т.а. жерге көмүү эки түнгө кечикти. Демек, бул, сөөктү жерге берүүнү коюп халифа шайлоо менен алек болууга карата ижма болду. Бул нерсе халифа шайлоо фарзынын улуулугуна далалат кылат.

Ошентип, мусулмандар Ислам менен өкүм жүргүзө турган аким – халифа жок болгон убакта аны тургузуу үчүн бардык күчтөрүн жумшоосу шарт. Себеби, Роббул аламин буюрган жаза-хаддарды ушул халифа аткарат, жаза-хаддар болсо улуу фарз болуп, анда Үммөттүн иши оңдолот. Ибн Мажа өзүнүн «Сунан»ында Абу Хурайрадан риваят кылат: Расулуллах с.а.в. мындай деди:

**«حَدٌّ يُعْمَلُ بِهِ فِي الْأَرْضِ، خَيْرٌ لِأَهْلِ الْأَرْضِ مِنْ أَنْ يُمْطَرُوا أَرْبَعِينَ صَبَاحًا»**

**«Жер жүзүндө амал кылына турган бир жаза-хад жер калкы үчүн кырк күн жамгыр жаашынан жакшыраак».**

Жогоруда айтылган Миср жана мусулман өлкөлөрүнүн проблемалары үчүн чечим болот. Муну менен жакшылык орноп, бул жакшылык бүткүл дүйнөгө арзыйт.

Алтынчыдан: Биз Миср окуяларын күзөтүп, төгүлгөн кан жана ойрондулуктарга кайгырабыз о.э. бул жердеги бардык күчтөр чечимди башка бардык жактан издеп, Исламдан избдебей жатышканы бизди мындан да көбүрөөк капалантат, акыйкатта болсо, бул күчтөр Исламга итикад кылышат, намаз окушат, орозо кармап, Аллах Субханахуга ибадат кылышат!

Биз бул күчтөрдүн баары Халифалык түзүмүн кабыл алуусунан башка чечимди көрбөй жатабыз. Алар Халифалык түзүмүнөн жана ага аракет кылып жаткандардан ар дайым өздөрүн алып качып келишкен, мындан улам, эгер биз эки топту жараштыруу үчүн Халифалык түзүмүн сунуш кыла турган болсок, бул сөз абага учкандай эле болор бекен деп кооптондук. Ошондуктан, күзөтүп турууну, алыс болууну абзел көрдүк. Мүмкүн, Аллах ушундан кийин бирер иш жасаса, ажеп эмес.

Биздин аралашууга карата позициябыз ушундай. Биз эки топ менен мамиле кылышыбызга карабастан, экөөсү тең Халифалыкка жана ага даъват кылуучуларга жүздөнбөдү, өздөрү айткандай «Батышты провокация кылып коюудан» чочулап, Халифалык сөзүн оозго алуудан коркушууда. Алардын абалы ушул болгон соң, кантип ортомчулукка же жараштырууга аралашуу мүмкүн?!

Биз эки тарапты жараштырууга даярбыз, бирок, экөөсүн тең Халифалык түзүмүнө жамдоо менен жараштырабыз. Эгер, ушуну аларда сезсек жана Алллахтын шариятын өкүмдар кылууга ыраазы экендиктерин, Халифалыкты жарыялоого жана «Ла илаха иллаллоху Мухаммадур Росулуллох» байрагын бийик көтөрүүгө даяр экендиктерин билсек, анда, бул үчүн аракетибизди таптакыр аябайбыз. Эки топту бир түзүм, туура жолду тутуучу Халифалык мамлекети түзүмүнө бириктирүүгө даяр турабыз. Биз бул маселени өз ордунда чечүүгө т.а. Халифалыкты тикелеп, анын туруктуулугун, коопсуздугун жана амандыгын камсыздоого, Мисрди жаңыдан – Роббиси менен күчтүү, дини менен азиз болгон – Аллахтын Кинанасы айлантууга кудуреттүүбүз, инша Аллах. Анткени, мындай Кинана Аллах

душмандарынын талкалайт, Исламга, мусулмандарга, ахли зиммага жамандыкты каалаган ар бир кимсени жок кылат.

Биз эмне деп жатканыбызды жакшы билебиз, жакшы түшүнөбүз жана ким Хизбут-Тахрирди, анын өтмүшүн жана учурун билсе, буга толук канааттанат. Аллахтын Өзү үстөм…

Жарашуу жана жараштыруу мына ушундай болот, биз ушундай тартипте кадам таштайбыз. Эки тарап кыйынчылыктарга туш келишкенден кийин, Үммөт проблемаларынын туура чечими Халифалык түзүмү экенин, Өз пенделерин бул дүйнө жана Акыретте эмне оңдошун жакшы билген Роббул аламин түзүмүн түшүнүп жетишсе ажеп эмес. Эки тарап буга ыраазы болушу ушул Үммөттүн улуу тарыхы кайтышына т.а. Аллах Тааланын: ***«Силер инсандар үчүн чыгарылган эң жакшы Үммөт болдуңар, маъруфка буюрасыңар, мункардан кайтарасыңар жана Аллахка ыйман келтиресиңер»*** [3:110] деген тарыхы кайра жүзөгө келишине себеп болсо, Халифалык кайра тикеленип, Ислам жана мусулмандар азиз болуп, куфр жана кафирлер кор болушса, дүйнөнүн бардык тарабына изгилик жайылса ажеп эмес. Бул, Аллахка таптакыр кыйын эмес.

Сөзүбүздү аяктап жатып, биз ушул тараптардын бизге берген сыпаттарын жакшы түшүнүп турабыз. Алардын бири бизди «түш көрүп жаткан адамдар», десе, экинчиси «аларды дини алдап койгон кимселер», деди,  үчүнчүсү «алар Америка жана Батыш өкүмдарлык кылып жаткан дүйнөдөн башка дүйнөдө жашашат», десе, төртүнчүсү «Халифалык болгон жана бүткөн, таптакыр кайтпайт», деди…

Бирок, ошол эле учурда, биз Аллах Субханахунун ушул аятын да идирек кылып жатабыз:

***«Аллах силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттарга, кудум мурунку өткөн*** *(итикаддуу)* ***заттарды*** *(жер жүзүнө)* ***халифа кылгандай, аларды да жер жүзүндө халифа кылууну убада кылды жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон*** *(Ислам)* ***динин***

***үстөм кылууну о.э. аларды көргөн кооп-коркунучтарынан кийин бейпилдикке бөлөп коюуну убада кылды. «Алар Мага гана ибадат кылышат жана Мага бир да нерсени шерик кылышпайт. Ким мына ушул*** *(убада)****дан кийин куфрону*** *(неъмат)* ***кылса, анда, алар итаатсыз кимселер»*** [24:55]

Имам Ахмад жана Абу Давуд Тиялисий Хузайфа ибн Йеменден риваят кылат, Расулуллах с.а.в. мындай деди:

**«إِنَّكُمْ فِي النُّبُوَّةِ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ تَكُونَ ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ تَكُونَ ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ يَرْفَعَهَا ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا عَاضًّا فَيَكُونُ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ يَكُونَ ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا جَبْرِيَّةً فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ تَكُونَ ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ ثُمَّ سَكَتَ».**

**«Пайгамбарлык силердин араңарда Аллах каалаганча турат, кийин аны Өзү каалаганда көтөрөт, кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот жана ал Аллах каалаганча турат, кийин аны Өзү каалаганда көтөрөт, зордукчул падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат, кийин аны Өзү каалаганда көтөрөт, кийин жабыр көрсөтүүчү залим падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат, кийин аны Өзү каалаганда көтөрөт, кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот».** Андан соң Расулуллах с.а.в. үндөбөй калды.

Ар бир акылдуу жана пикирлүү адам тигилердин сөздөрү негизсиз батыл болуп, акыл жүргүзгөн кишилер назарында кадырсыз экенин, Аллах Субханаху жана Расулу агасөздөрү албетте жүзөгө чыга турган акыйкат экенин жакшы билет.

***«Акыйкаттан кийин болсо адашуу гана бар, демек, кай тарапка бурулуп бара жатасыңар?!»*** [10:32]

Кыскасы, биз абалды күзөтөбүз жана мүмкүнчүлүк табарыбыз менен эки топ менен байланышабыз, ошондон кийин Аллах бирер ишти жүзөгө чыгарса ажеп эмес.

***«Аллах таква болгон жана жакшы амалдарды кылган заттар менен бирге»*** [16:128]

***«Биз болсо ал жерде кордолгон кишилерге камкордук кылууну, аларды башчы заттарга жана мураскорлорго айлантууну каалайбыз»*** [28:5]

***«Аллах Өз ишинде үстөмдүк кылуучу, бирок, адамдардын көпчүлүгү*** *(муну)* ***билишпейт»*** [12:21]

**11-мухаррам, 1434-х.**

**14-ноябрь, 2013-м.**

## Мунай бааларынын өзгөрүүсү тууралуу суроолорго жооптор

## Мунай баасынын кескин түшүп кетүүсү!

**Суроо:** *Нефтинин баасы күндөн-күнгө түшүп баратат. Учурда бир баррелдин баасы 40$дан да ылдый болуп атат. Ал эми ОПЕКтин негизги өндүрүүчүсү болгон Сауд Арабия абалды турукташтыруу үчүн нефти өндүрүүнү кыскарткан жок. Бул 4-декабрда ОПЕКтин отурумунда да белгилүү болду. Буга кошумча, бул жактан баа арзандап жатса, тияктан Америка ага жараша нефти өндүрүүнү кыскартуунун ордуна, кайра көбөйтүп жатат. Деги нефтинин арзандоо себеби эмнеде? Аллах сизден ыраазы болсун!*

**Жооп:** Абалды терең түшүндүрүү үчүн, өткөн жылкы нефтинин арзандашын карап чыгуу керек. О.э. баанын төмөндөп же кымбаттаганын билүү үчүн, ушул убакыт ичинде болгон саясий окуяларды жана ар кандай өзгөрүлмө факторлорду карап чыгуу зарыл:

1 – Король Абдуллах ибн Абдул-Азиз башкарган убакта, анын өлүмүнөн бир аз мурда, нефтинин баасы кескин түшүп кеткен эле. Ал король Британия малайы болгондуктан, Американын сланец нефтисин өндүрүү кызыкчылыктарына сокку берүү үчүн Британия ал аркылуу саясат жүргүзгөнүн (2015-жылдын 7-январындагы суроо-жоопто) айтып өткөнбүз. Нефтинин баасы Абдуллах ибн Абдул-Азиздин өлүмүнө чейин, анын ордуна

2015-жылдын 23-январында Америка малайы Салман ибн Абдул-Азиз келгенге чейин түшүп олтурду. Саудия нефти министринин “мамлекет нефти багытындагы саясатын өзгөртпөйт” деген билдирүүсүнө карабай, реалдуулукта Салмандын такка отурушу менен нефти баасы көтөрүлө баштады. 2015-жылдын май айында баррел баасы 60$ болуп калды. Бул тууралуу 2015-жылдын 25-январындагы суроо-жоопто да айтканбыз: «Иштердин мындай бөлүштүрүлүүсү Саудия менен Американын ортосундагы чыңалууну басаңдатат. Белгилүү бир чекте нефтинин баасы төмөндөшүн токтотуусу да мүмкүн. Анткени, мурунку король жана анын аркасындагы англичандар нефти баасын түшүрүү менен Американын сланц нефтисин өндүрүүсүнө сокку урууну көздөшкөн».

2 – 2015-жылдын июнь айынын аягында нефти баасы кайрадан төмөндөй баштады. Августтун ортосунда баррел баасы 40$га чейин түштү. Бул учур Иран менен ядролук программа боюнча келишимге туура келди. Көрүнүп тургандай, Америка сүйлөшүүлөр жүрүп жаткан убакта нефтинин баасы төмөндөшүнө кызыкдар болду. Мындай абал өз малайлары болгон Иран жетекчилеринин чегинүүгө баруусуна, келишимге кол коюусуна шылтоо болуп бермек. Себеби, нефтинин арзандашы Иран экономикасына басым өткөрмөк жана калктын астында экономикалык кыйынчылыктардан улам чегинүүгө бардык деп актанууга шарт түзүлмөк. Бул келишимдер өткөндөн кийин, сентябрдын аягына чейин баалар көтөрүлө баштады. Баррел баасы 50$га жетти.

3 – Октябрдын башында баа төмөндөп, 18-декабрда баррел баасы 34$га чейин түштү. Бул кескин түшүү мурунку нефтинин баасы төмөндөгөнүнөн айырмаланат. Ал төмөнкүдөй түшүндүрүлөт:

2008-жылдагы Америкадагы финансылык кризис аны жумшак саясат жүргүзүүгө мажбур кылган. Себеби, өлкөнү толугу менен камтып алган финансылык кризистен чыгуу керек эле. Ал финансылык системасын сактап калуу үчүн долларды үлкөн көлөмдө басып чыгарды. Натыйжада доллар

алсырай баштады, буга карабай саясат ушул нукта уланды. Бирок мурунку жылдын ортолорунда Америка мындай саясаттын тескери таасирлерин байкады. Бул тескери таасирлер төмөнкүлөр:

Дүйнө өлкөлөрү Американын бул саясатынан жабыркады, айрыкча – Кытай, доллардын кунсузданышынан үлкөн капиталын жоготту. Натыйжада доллардан баш тартууга жана жаңы финансылык система түзүүгө болгон чакырыктар башталды. Мындай чакырык Европада таасирлүү болуп, Франция финансы министри Мишел Сапена «Financial Times» гезитиндеги (06.07.2014) «Франция доллардын үстөмдүгүнө каршы турат» деп аталган («France hits out at dollar dominance») макалада: «Биз Европалыктар да бири-бирибиз менен болгон соодада долларды колдонуп жатабыз. Мисалы, учакты доллар менен сатабыз. Зарыл беле? Зарылдык бар экенине ишенбейм. Мен балансты өзгөртүү мүмкүн жана ал тез арада болушу керек деп эсептейм. Бул еврого гана тиешелүү эмес. Өнүгүп келаткан өлкөлөрдүн валюталарына да тишелүү. Негизи, бул өлкөлөрдө дүйнөлүк сооданын көпчүлүк бөлүгү жүргүзүлот…», – деди. Сапен интервьюсунда, бул маселени дүйшөмбүдө Брюсселде боло турган Еврозонанын финансы министрлеринин жолугушуусунда кабыргасынан коёрун жана долларга альтернативдүү системага муктаждык бар экенин айтарын убада кылды. Бирок иш жүзүндө кандай кадамдарга барары тууралуу деталдуу ачыктоодон баш тартты. Европанын артынан Кытай да ээрчиди. «Синьхуа» маалымат агентсттигине берген интервьюсунда, Россиянын кредит берүү боюнча экинчи турган банкы «ВТБ»нын президенти Андрей Костин: «Дүйнөлүк финансы системасы мурдагыдай эле Америка долларынын өкүмдарлыгына баш ийүүдө. Тез арада бир валютанын үстөмдүгүнөн чыга турган көп тараптуу механизмди иштеп чыгуу зарыл», – деди. Ал “Кытай экинчи дүйнөлүк экономика катары бир нече мамлекеттер менен жаңы системаны түзүү максатында кызматташса болот. Россия Кытайдын финансылык аренада

жетекчилик ролун колдоого даяр” деп кошумчалады. («Жэньминь жибао» онлайн 10.11.2014).

Мындай чакырыктарга карабай, Америка мурунку саясатын улантып, доллардын курсу түшө берди. О.э ал нефтинин баасын көтөрүүгө чара көрө баштады. Себеби, нефтинин баасы көтөрүлсө, доллардын курсу дагы да түшмөк. Муну менен Америка өзүндөгү финансылык кризистин таасирлерин жоюу аракетин көрдү. Ошону менен бирге, эгер нефти баасы көтөрүлсө, анын өзүндөгү сланц нефтисин өндүрүү да көтөрүлмөк. Анткени, көтөрүлгөн баа сланц нефтисинин өздүк наркынан ашып түшүп, пайда бермек. Дал ушул себептен улам, мамкатчы Керри (11.09.2014) Саудияга визит менен барып, король Абдуллахка жолукту. Нефтинин баасын көтөрүү үчүн өндүрүштү азайтууну сунуштады. (Бул тууралуу 2015-жылдын 7-январындагы суроо-жоопто кенен баяндаганбыз)

Америка ушул жылдын акыркы айларында, доллардан баш тартуу демилгеси колдоо таап иш жүзүнө аша баштаганын байкап калды. Доллар капитал сактоочу статусунан айрылып, анын ордун алтын ээлей баштады. Кытай өзүнүн капиталындагы төрт триллион долларды алтынга алмаштырды. Кытайдын Борбордук Банкы өзүнүн резервине ай сайын 14-19 тонна алтын сатып алууда («Рейтер» 01.12.2015). Айрым Россия маалымат булактарынын жазышынча, Кытай Борбордук Банкындагы резервге жакынкы жылдарда 10 миң тонна алтын чогултуп, АКШны басып өтүүнү көздөп жатат. АКШнын алтын резерви учурда 8 миң тоннаны түзөт. Ал эми Кытайдыкы учурда 1.700 тоннадан ашат. О.э Россия да алтын сатып алууну күчөтүп жатат. Учурда алтын резерви 1.275 тоннага жетет. Россия 2015-жылдын экинчи жарымында 67 тонна алтын сатып алды. Мындай аракеттер Американын тынчын алып, коркунучка салды. Себеби, доллар анын дүйнө үстүнөн өкүмдарлыгын кармап турган бирден-бир түркүк болуп эсептелет. Америка доллардын нефти соодасындагы тарифти өлчөөчү негизги бирдик болуу менен бирге, финансылык эсеп-кысаптар жүргүзүлүүчү валюта боюнча сакталып калуусун

каалайт. Башкача айтканда, долларга ким көбүрөөк ээ болсо, ал нефти баасына жана дүйнөлүк соодага таасир эте алат.

4 – Америка ушундайча доллардын курсун көтөрүп, нефти баасын төмөндөтүп жатат. Ал бул үчүн бир нече иштерди жасады:

а) Нефтини мүмкүн болушунча көп өндүрүү саясатын жүргүздү:

– Америка менен Канада нефти өндүрүүнү күчөттү. 2005-жылы күнүнө 10,3 млн. баррел өндүрүлсө, учурда күнүнө 18 млн. баррел өндүрүлүп жатат.

– Америка таасири астындагы, ОПЕКтин негизги мүчөлөрү болгон – Сауд Арабия, Иран жана Ирак да нефти казып алууну көбөйттү:

Сауд королдугу ОПЕК өлкөлөрүнө нефти өндүрүүнү 2015-жылдын сентябрынан баштап күнүнө 100 миң баррел өндүрүү тапшырмасын берди («Аль-Жазира» 10.10.2015). Саудия бийлиги өзүндөгү нефти өндүрүү бул жылы күнүнө 10,1 млн. баррелге чейин көтөрүлөрүн белгиледи («Аль-Арабий аль-Жадид» 14.12.2015).

Иранга келсек, «Reuters» маалымат агенттигинин кабарына ылайык, ОПЕК төмөнкүдой билдирүүлөрдү жасады: «Бул айда Иран чийки нефти экспортун күнүнө 1,26 млн. баррелге жеткирет. Бул сан акыркы эки айдагы эң жогорку көрсөткүч болуп эсептелет» («Аль-Араби аль-Жадид» 14.12.2015). Айрым эксперттердин белгилешинче, Иран мындан да көбүрөөк экспорт кылары күтүлөт. «Ас-Сабах аль-Жадид» сайтында: «Экономикалык санкциялардын токтошу жана Ирандын нефтини экспорт кылышына жол ачылганы дүйнөлүк нефти өндүрүүнүн көлөмүн көбөйтөт. Учурда Иран күнүнө 3.7 млн. баррел өндүрөт, мунун 1.7 млн. баррели экспортко чыгат. Иран нефти өндүрүүнү 2015-жылдын аягына чйин күнүнө 600 миң баррелге көбөйтүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Ушуну да эске алуу керек, учурда нефти базарындагы артыкбаш көлөм күнүнө 1,5-2 млн. баррел ортосунда термелип турат» («Ас-Сабах аль-Жадид» сайты, 09.12.2015).

Иракка келсек, нефти министринин орун басары Файяд аль-Нима айтат: «Учурда «Румайла» кенинде күнүнө 1,35 млн. баррел нефти өндүрүлөт. Бул

Ирактын нефти өндүрүшүнүн 40%ын түзөт». Анын айтымында, «министрлик өндүрүштү күнүнө 2,1 млн. баррелге жеткирүүнү пландаштырып жатат». «Reuters» агенттиги Ирак «сентябрга карата «Басра» маркасындагы чийки нефтинин экспортун күнүнө 3,017 млн. баррелге белгилегенин жазып чыкты. Бирок мурунку айда күнүнө 2,52 млн. баррел гана өндүрүлгөн» («Ас-Сабах аль-Жадид» 15.08.2015).

– Америка өзүндөгү нефти экспортуна карата салынган тыюуну алып таштады. «АКШ өкүлдөр палатасы жаңы мыйзам долбоорун кабыл алып, кырк жылдан берки, чийки нефтини экспорттоого тыюу салган мыйзамды жокко чыгарды… Президент Барак Обама 18 декабрда бул долбоорго кол койду» («ВВС» 19.12.2015).

Сланц нефтисине келсек, Америка бул маселени чече алды. Сланц нефтисин өндүрүүдө доллардын курсун көтөрүп, нефтинин баасын түшүрүп жаткан Американын жаңы саясатына сланц өндүрүшчүлөр каршы турушпады. Айрым инвестициялык компаниялар бул тармактагы ишмердүүлүктөн баш тартышты. Өздүк наркты актабагандыктан, көптөгөн нефти скважиналар жабылып калды. Арзан баага туруштук бере алган жана заманбап технологиялар жардамы менен үнөмдүү иштегендер гана сакталып калды. Андан соң алар сланц нефтисинин өндүрүшүн көбөйттү. Экспорт багыты ачылгандан кийин дагы да мүмкүнчүлүктөр пайда болду… АКШ энергетика департаментинин отчётуна ылайык, («Realist Market» сайты) АКШ чийки нефти өндүрүү боюнча бул жумада, тагыраагы, 11-декабрда туруктуу абалды сактап турат. Мурунку айда өндүрүш күнүнө 9,17 млн. баррелге жеткен. Бул сланц нефтисинин наркы төмөндөшүнө жана тоңдурулган скважиналардын ишке киришүүсүнө байланыштуу. Америкалык аналитик «Citigroup» Эрик Ли бул тууралуу: «Түндүк Дакотадагы сланц нефтисин өндүргөн «Баккен» кенинде өндүрүштүн өздүк наркы 20$га чейин түштү. Минералдык ресурстар боюнча министрликтин мурунку айда билдиришинче, Дунн шаарында өндүрүлгөн сланц нефтисинин бир баррели

24$га барабар болгондо, ал пайда алып келген. Ал эми мурунку жылдын октябрь айында баррел баасы 29$ болгон» («CNBC» 20.08.2015).

Ушундайча Америка жана анын малайлары нефти өндүрүүнү көбөйттү. Натыйжада нефти базары артыкбаш нефтиге толуп кетти. Айрым отчеттордо, учурда нефти базарына күнүнө 4–5 млн. баррел ашыкча келип жатканы айтылууда» («Бета Альфа» сайты 15.12.2015). Буга кошумча түрдө, бардык жайларда нефтиге болгон талап азайып жатканы байкалууда. Эл аралык Валюта Корунун билдирүүсүнө ылайык, ички дүң продукциянын глобалдык төмөндөшү күтүлөт. Тагыраагы, 3,4% – 3,3% төмөндөп, айрыкча Европа өнүккөн өлкөлөрүндө жана Японияда о.э нефти колдонуу жагынан экинчи орунда турган Кытайда да азаюуда. Абал финансы базарындагы толкундоолор жана юандын курсу төмөндөгөнү себептүү дагы да тереңдейт. Ушул себептен улам, Кытайда нефтиге болгон талап азайды. Ушулар чогулуп келип, нефти баасын кескин төмөндөтүп, доллардын курсун көтөрүүдө.

б) Нефти баасын төмөндөткөн дагы бир фактор бар. Бул ФРСтин пайыздык ставканы жогорулатуусу. АКШнын экономикалык көрсөткүчтөрү реалдуу экономикалык абалын жашырганына карабай, ФРС 2015-жылдын 16-декабрында берген билдирүүдө, пайыздык ставка 0,25% көтөрүлгөнүн билдирди. Белгилүү болгондой, Америкада пайыздык ставка 2008-жылы болгон финансылык кризистин айынан "нөлгө" түшүп калган. Тагыраагы, 0,25% тегерегинде болчу. Капиталисттик экономикада эгер пайыздык ставка төмөн болсо, кризистин дагы деле жашап жатканын, экономиканын айыкпаганын, алып сатуу, инвестиция жана жумуш күчү менен камсыздоо жолго коюлбаганын билдирет. Себеби, капитализмде ушул пайыздык ставкадан киреше табышат. Пайыздык көрсөткүчтүн көтөрүлүүсү менен банктар жана компаниялардын да кирешеси артат, анткени, адамдар пайда көрүү үчүн акчаларын банктарга салат. Бул өз кезегинде, Америка

экономикасы глобалдык финансы кризисинин кесепеттеринен кутулду деген элести берет.

Пайыздык ставканын жогорулашы артынан нефти баасы кескин түрдө 3% арзандады. Мындай абал Америка экономикасына болгон ишенимди бекемдейт жана финансы кризисинин кесепеттеринен кутулганын көргөзөт. О.э саясий таасири дүйнө бойлоп өсүп жатканын айгинелейт. АКШ Борбордук банкы пайыздык ставканы көтөргөндөн кийин «Wall Street» фонддук биржасында акциялардын баасы 1,28%га чейин көтөрүлдү. «Standard & Poor's» 1,45% жана «Nasdaq» 1,52% көтөрүлдү.

5 – Ушундан кийин, Америка доллардын курсун жана пайыздык ставканы көтөрүүдө ыңгайлуу учурдан пайдаланууда. Ушуну да белгилеп өтүү керек, пайыздык ставканын көтөрүлүшү алтын резервин сактоо чыгымын да көбөйтөт. Анткени доллардын курсу көтөрүлсө, алтындын баасы түшөт. Бул болсо капиталын доллардын ордуна алтынга толтуруп жаткан өлкөлөргө зыян алып келет. Америка долларды дүйнөлүк валюта жана башка өлкөлөрдүн алтындын ордун ээлеген резерви катары сактап калышын каалайт. Ушундайча алтын менен болгон соода операцияларын зыяндуу кылып, алтын резервди туруксуз кылып көрсөтөт. Ал өзүнүн да, башка өлкөлөрдүн да финансы тармагы алтын системасына өткөрүлүшүн каалабайт. Анткени, бул система аны кайра бутка турууга болбой турган даражада кулоого алып келет. Негизи, Американын кагаз валютасы сыяга да арзыбайт. Бирок, ал ушуну менен дүйнө жүзүнүн байлыгын сатып алууда, өлкөсүнүн аскердик тармагын каржылоодо. Буга кошумча, "финансылык жардам" деген нерсе менен адамдарды жана өлкөлөрдү сатып алып, башка өлкөлөрдүн экономикасына сокку урууда. Доллардын жардамы менен Америка бардык мамлекеттердин үстүнөн экономикалык өкүмдарлыгын жүргүзүп келет.

6 – Жогорудагылардан келип чыгып айта алабыз, нефти баасынын кескин түшүүсү Американын ички жана тышкы саясатына байланыштуу. Бул төмөнкү багытты өз ичине алат:

а) Өлкө ичинде пайыздык ставканы көтөрүү. Бул Америка үчүн тагдырый маселе. Себеби муну менен, дүйнө жүзүнө финансылык кризистен кутулганын жар салат. Ошентип, экономикасы күчтүү болуп, саясий таасири дүйнө бойлоп жайылып баратканы тууралуу толук ишеним жараткысы келет.

б) Конкуренцияга туруштук бере алышы үчүн долларга болгон ишенимди жогорулатуу. Себеби доллар эл аралык соода валютасы жана башка өлкөлөрдүн резервдик валютасы катары сакталып калышы керек. Америка дүйнөнүн долларга болгон муктаждыгын сактап калгысы келет жана башка өлкөлөрдүн алтын резервге өтүүсүнө жол бергиси келбейт. Айрыкча, муну менен, доллардын өкүмдарлыгынан баш тартып, алтынга ашыгып жаткан Кытай жана Россияга сокку урат.

7 – Жыйынтыктап айтканда, Америка эл аралык экономикалык абалды толугу менен көзөмөлдөп жатат. Айрыкча, нефти товар алмашууларын. Мунун баары нефти соодасы доллар менен жүргүзүлгөнүнө байланыштуу. Бул жана мындан тышкары бардык баалуу товарлардын доллар менен алып-сатылышы бааны түз же кыйыр түрдө Америка белгилешине мажбур. Баалардын көтөрүлүшү же түшүшү анын долларына же ФРСтин чечимине көз каранды. Эгер АКШнын экономикасында терс таасирлер көрүнсө, анда бүткүл дүйнө өлкөлөрүнүн экономикасы запкы чегет. Ошондуктан, доллардын үстөмдүгү дүйнө өлкөлөрүн АКШ экономикасын туруктуу кармоого мажбур кылып койду. Мындай көйгөйдөн арылуу үчүн тез арада жергиликтүү валютаны долларга болгон көз карандылыктан чыгаруу керек жана аны резервдик валюта кылуудан баш тартуу зарыл. Алтын жана күмүштү валюта катары айлантууга чыгарып, товарды алып-сатууда, айлык акыны белгилөөдө өлчөө кылып, бирдиктүү резерв катары ишке салуу керек. Бирок мындай чечкиндүү кадамды Рошид Халифалыктан башка мамлекет

жасай албайт. Анткени, Алла Таала акча катары алтын менен күмүштү гана колдонууга буюрган. Ал убакта доллар жөн гана кагаздан башка нерсе болбой калат. Алла Таала айтат:

***«... алар аны узак деп билишет, Биз болсо анын жакындыгын билебиз!»*** [70:6-7]

**12-робиул-аввал, 1437-х.**

**23-декабрь, 2015-м.**

## Мунай баалары тууралуу

**Суроо:** *24-майда мунай баасы көңүл бураарлык деңгээлде көтөрүлдү. Бир баррель мунайдын баасы 79 долларга чыкты. Техас мунайынын баасы 71 долларга көтөрүлдү. Мындай кымбаттоо 2014-жылдан бери биринчи жолу болду. Бул көрүнүш мунайдын кымбатташынын жаңы баскычына кирип жаткандыгын түшүндүрөбү? Мурдагыдай бир баррель мунайдын баасы 150 долларга чыга турган абалдын астында турабызбы? Мунун себеби эмне?*

**Жооп:** Нефть дагы башка өндүрүмдөр (товарлар) сыяктуу эле сунуш жана талаптан көз каранды. Ошону менен бирге, башка товарлар сыяктуу да эмес. Нефтинин баасы дээрлик туруктуу эмес. Башкача айтканда, суроо-талаптын өзгөрүүсү ага түздөн түз таасир этет. Бул абал мунай базарындагы абалга байланыштуу. Буга кошумча спекуляция (сатуу жана сатып алуу ортосундагы айырмадан пайда табуу) таасири да бар. Айрыкча саясий туруксуздуктар базардагы абалга да таасир кылат. Мунун баяны төмөнкүдөй:

1 – Саясий кырдаал:

а) Мунай өндүрүүчү өлкөлөр (ОПЕК) жана ага мүчө эмес өлкөлөр мунай өндүрүүнү белгилүү бир деңгээлде азайтууга келишишкен. 2016-жылдын аягындагы Орусия менен ОПЕКке мүчө өлкөлөр ортосундагы келишимде күнүмдүк мунай өндүрүүнү 1.8 милион баррелге кыскартууга келишилген. Бул базардагы ашыкча мунайды азайтуу жана анын баасын көтөрүүгө каратылган. ОПЕКтин S&P Global Plas изилдөөсүнө ылайык, ага мүчө өлкөлөр 2018-жылдын март айындагыга караганда апрель айында 140

миң баррелге аз өндүргөн. Башкача айтканда, күнүнө 32.73 миллион баррель мунай өндүрүлгөн. Бул ОПЕКтин бекиткен токтомунан 730 миң баррелге аздык кылат. ОПЕКтин бекиткен токтому жыл аягына чейин уланат. Эгер, абал ушундай болсо мунайдын баасы кымбаттай берет. Муну узак мөөнөттүү изилдөө компаниясынын (Aspects) мүдүрү Мэтью Барри мындай деп тастыктады: «Биз абалды көрүп турабыз. Бул абал келечекте да кайталанат. Анткени, сунуш же коркунучтар мунайдын баасына таасир эте баштады». (https://www.marketwatch.com).

б) Венесуэладагы саясий экономикалык кырдаал анын мунай өндүрүү кудуретине түздөн-түз таасир кылат. Ал 2018-жылдын апрель айында күнүнө 1,41 миллион баррель мунай өндүргөн. Бул дегени март айындагыга караганда күнүнө 80 миң баррелге, 2017-жылга салыштырмалуу күнүнө 540 миң баррель аз өндүрүп жаткандыгын билдирет. Мунай өндүрүшүнүн басаңдашынын себеби Венесуэланын саясатына барып такалат. Венесуэладагы мунай өндүрүү компаниясынын (PDVSA) башкаруусу өтө начар абалда. Өткөн айда «Conoco Phillips» компаниясы «PDVSA» компаниясын Венесуэладагы эки мунай долбоорун конфискация кылып алгандыгы себептүү эки миллиард долларлык доого жыкты. «PDVSA» компаниясы бул карызын төлөөдө алсыздык кылды... Ушунун баары Венесуэлдагы мунай өндүрүшүнө кедергисин тийгизди. Кийин болсо бул абал сунуштун азайышына алып келди. Сунуштун азайышы менен талап күчөп баа көтөрүлдү.

в) Трамптын Иран өзөктүк келишиминен чыгып кетиши жана кайрадан Иранга карата санкцияларды күчүнө киргизиши мунай баасына таасирин тийгизди. Иранга карата санкциялардын бир катары 2012-жылы Обама учурунда киргизилген. Теориялык жактан караганда Ирандын мунай өндүрүүсү күнүнө 20 пайызга 500 миң баррелден 400 миң баррелге чейин азайышы мүмкүн. Мындай абал азыркы мунай баасы менен алып караганда айына бир миллиард долларга барабар деңгээлде Иран мунай өндүрүшү

кыскарат. Ошол эле маалда Америка Иранга карата кандай санкция топтомун киргизээрин да ачыктаган жок. Бирок абал санкциялар топтому Ирандын мунай өндүрүшүнө каратыларын көргөзүп турат.

Мына ушул үчөө сунуштун азайышына, талаптын өсүшүнө жана мунайдын кымбатташына алып келди.

2 – Талап өстү:

а) Мунайга болгон талап дагы күчөдү. Эл аралык энергия агенттиги 2017-жылга караганда 2018-жылы күнүмдүк мунай керектөө талабы 97,8 миллион баррелге өсүшү мүмкүн деген изилдөөсүн жарыялады. Башкы кеңсеси Парижде жайгашкан эл аралык агенттик күнүмдүк мунай керектөө талабы 2018-жылы 1,3 миллиондон 1,4 миллион баррелге өсө тургандыгын билдирди. Эл аралык Валюта Фонду бул жылы келээрки жылга карата экономикалык өсүш баасын берди. Эл аралык Энергия Агенттиги айлык отчетунда 2017-жылы күнүмдүк мунай керектөө талабы 1,6 миллион баррелге өскөндүгүн билдирди. (https://www.reuters.com).

б) Дагы бир тараптан мунайга болгон талаптын өсүшү Кытайда жогору болду. 2018-жылы апрель айында Кытай күнүнө 9 миллион баррель чийки мунай керектеди. Башкача айтканда, мурдагыга салыштырмалуу жогорку деңгээлде болду. Бул бүткүл дүйнөлүк мунай керектөөнүн 10 пайызын Азиянын үчтөн бир мунай керектөөсүн түзөт. Эгер мунайдын баасы 75 доллар болсо, Кытайдын айына мунай импорттоосу 20 миллиард долларды түзөт. Мунайга болгон мындай суроо-талаптын өсүшү мунайды коромжу кылбоо сезонуна карабастан өсүүдө. Адатта жылдын бул убактысында мунай импорттоо азайган маал болот. Бул нерсе Кытайдын мунай керектөөсү күтүлгөндөн да жогору болуп жаткандыгын ачыктап жатат. Американын «Goldman Sachs» компаниясы өз кардарларына карата билдирүүсүндө мындай деди: «Кытайдын мунай керекөөгө карата талабы учурдагы күтүлгөн нерседен да жогору болуп жатат». (https://www.reuters.com).

Жогоруда айтылып өткөндөргө негизделип мунайга болгон талап өстү. Ошого негизделип анын баасы да кымбаттады.

3 – Алып сатарлык: мунайга болгон суроо талаптын өсүшү менен алып сатарлык да тез кыймылга келди. Буга кошумча базардын абалы туруктуу болушу кыйын... Ушуга жараша мунайдын баасы кымбат же арзан болушу менен алып сатарлык да өз таасирин тийгизет. Ири Хедж-Фонддор мунай базарында сунуш кылууда жана сатууда чоң роль ойношот. Ошого негизделип алып сатарлыктын эки мизи бар. Биринчисинде, талаптын өсүшүнө таасир кылып мунайдын баасын жогорулатышы мүмкүн. Экинчисинде, талапты азайтып мунайдын баасын түшүрүшү мүмкүн. Бирок, учурдагы мунайдын баасынын көтөрүлүшүнө алып сатарлык анча таасир эткен жок. Балким биз баяндап өткөндөй сунуш-талап маселеси негизги ролду ойноду.

4 – Ал эми мунайдын бир баррель баасы 150 долларга же ага чейинки баага көтөрүлүшү вакыйга дал келбейт. Анткени азыркы дүйнөлүк экономиканын абалы аны көтөрө албайт. Ушуга негизделип мунайдын баасы бир баррели 100 долларга чейин акырындык менен өсүүсү күтүлөт. Айрыкча, Кытай менен Америка ортосунда качып кутулгус соода согушу мунайга болгон талаптын төмөндөшүнө таасир берет. Мындай абал мунайдын баасынын төмөндөшүнө жеңил шарт жаратат. Буга кошумча мунайдын баасынын жогору болушу Америка кызыкчылыгына дал келбей баштаганда Америка ОПЕКке мүчө өлкөлөргө Саудия аркылуу кысым өткөрөт.

## Мунайдын кымбатташы тууралуу

**Суроо:** *24-майда мунай баасы көңүл бураарлык деңгээлде көтөрүлдү. Бир баррел мунайдын баасы 79 долларга чыкты. Техас мунайынын баасы 71 долларга көтөрүлдү. Мындай кымбаттоо 2014-жылдан бери биринчи жолу болду. Бул көрүнүш мунайдын кымбатташынын жаңы баскычына кирип*

*жаткандыгын түшүндүрөбү? Мурдагыдай бир баррел мунайдын баасы 150 долларга чыга турган абалдын астында турабызбы? Мунун себеби эмне?*

**Жооп:** Нефти дагы башка өндүрүмдөр (товарлар) сыяктуу эле сунуш жана талаптан көз каранды. Ошону менен бирге башка товарлар сыяктуу да эмес. Нефтинин баасы дээрлик туруктуу эмес. Башкача айтканда суроо талаптын өзгөрүүсү ага түздөн түз таасир этет. Бул абал мунай базарындагы абалга байланыштуу. Буга кошумча спекуляция (сатуу жана сатып алуу ортосундагы айырмадан пайда табуу) таасири да бар. Айрыкча саясий туруксуздуктар базардагы абалга да таасир берет. Мунун баяны төмөнкүдөй.

Биринчиден саясий кырдаал:

А. Мунай өндүрүүчү өлкөлөр (ОПЕК) жана ага мүчө эмес өлкөлөр мунай өндүрүүнү белгилүү бир деңгээлде азайтууга келишишкен. 2016-жылдын аягындагы Орусия менен ОПЕКке мүчө өлкөлөр ортосундагы келишимде күнүмдүк мунай өндүрүүнү 1.8 милион баррелге кыскартууга келишилген. Бул базардагы ашыкча мунайды азайтуу жана анын баасын көтөрүүгө каратылган. ОПЕКтин S&P Global Plas изилдөөсүнө ылайык, ага мүчө өлкөлөр 2018-жылдын март айындагыга караганда апрель айында 140 миң баррелге аз өндүргөн. Башкача айтканда күнүнө 32.73 миллион баррел мунай өндүрүлгөн. Бул ОПЕКтин бекиткен токтомунан 730 миң баррелге аздык кылат. ОПЕКтин бекиткен токтому жыл аягына чейин уланат. Эгер абал ушундай болсо мунайдын баасы кымбаттай берет. Муну узак мөөнөттү изилдөө компаниясынын (Aspects) мүдүрү Мэтью Барри мындай деп тастыктады: “Биз абалды көрүп турабыз. Бул абал келечекте да кайталанат. Анткени сунуш же коркунучтар мунайдын баасына таасир эте баштады. (https://www.marketwatch.com)

Б. Венесуэладагы саясий экономикалык кырдаал анын мунай өндүрүү кудуретине түздөн-түз таасир берет. Ал 2018-жылдын апрель айында күнүнө 1,41 миллион баррел мунай өндүргөн. Бул дегени март айындагыга караганда күнүнө 80 миң баррелге, 2017 жылга салыштырмалуу күнүнө 540 миң баррел

аз өндүрүп жаткандыгын билдирет. Мунай өндүрүшүнүн басаңдашынын себеби Венесуэланын саясатына барып такалат. Венесуэладагы мунай өндүрүү компаниясынын (PDVSA) башкаруусу өтө начар абалда. Өткөн айда (Conoco Phillips) компаниясы (PDVSA) компаниясы Венесуэладагы эки мунай долбоорун конфискация кылып алгандыгы себептүү эки миллиард долларлык доого жыкты. (PDVSA) компаниясы бул карызын төлөөдө алсыздык кылды... Ушунун баары Венесуэлдагы мунай өндүрүшүнө кедергисин тийгизди. Кийин болсо бул абал сунуштун азайышына алып келди. Сунуштун азайышы менен талап күчөп баа көтөрүлдү.

В. Трамптын Иран өзөктүк келишиминен чыгып кетиши жана кайрадан Иранга карата санкцияларды күчүнө киргизиши мунай баасына таасирин тийгизди. Иранга карата санкциялардын бир катары 2012-жылы Обама учурунда киргизилген. Теориялык жактан караганда Ирандын мунай өндүрүүсү күнүнө 20 пайызга 500 миң баррелден 400 миң баррелге чейин азайышы мүмкүн. Мындай абал азыркы мунай баасы менен алып караганда айына бир миллиард долларга барабар деңгээлде Иран мунай өндүрүшү кыскарат. Ошол эле маалда Америка Иранга карата кандай санкция топтомун киргизээрин да ачыктаган жок. Бирок абал санкциялар топтому Ирандын мунай өндүрүшүнө каратыларын көргөзүп турат. Мына ушул үчөө сунуштун азайышы талаптын өсүшү жана мунайдын кымбатташына алып келди.

Экинчиден талап өстү:

А. Бул жерде мунайга болгон талап дагы күчөдү. Эл аралык энергия агенттиги 2017-жылга караганда 2018-жылы күнүмдүк мунай керектөө талабы 97,8 миллион баррелге өсүшү мүмкүн деген изилдөөсүн жарыялады. Башкы кеңсеси Парижде жайгашкан эл аралык агентство күнүмдүк мунай керектөө талабы 2018 жылы 1,3 миллиондон 1,4 милион баррелге өсө тургандыгын билдирди. Эл аралык Валюталык Фонд бул жылы келээрки жылга карата экономикалык өсүш баасын берди. Эл аралык Энергия

Агентствосу айлык отчетунда 2017 –жылы күнүмдүк мунай керектөө талабы 1,6 миллион баррелге өскөндүгүн билдирди. (https://www.reuters.com)

Б. Дагы бир тараптан мунайга болгон талаптын өсүшү Кытайда жогору болду. 2018-жылы апрель айында Кытай күнүнө 9 милион баррел чийки мунай керектеди. Башкача айтканда мурдагыга салыштырмалуу жогорку деңгээлде болду. Бул бүткүл дүйнөлүк мунай керектөөнүн 10 пайызын Азиянын үчтөн бир мунай керектөөсүн түзөт. Эгер мунайдын баасы 75 доллар болсо, Кытайдын айына мунай импорттоосу 20 миллиард долларды түзөт. Мунайга болгон мындай суроо талаптын өсүшү мунайды коромжу кылбоо сезонуна карабастан өсүүдө. Адатта жылдын бул убактысында мунай импорттоо азайган маал болот. Бул нерсе Кытайдын мунай керектөөсү күтүлгөндөн да жогору болуп жаткандыгын ачыктап жатат. Американын “Goldman Sachs” компаниясы өз кардарларына карата билдирүүсүндө мындай деди: “Кытайдын мунай керекөөгө карата талабы учурдагы күтүлгөн нерседен да жогору болуп жатат”. (https://www.reuters.com).

Жогоруда айтылып өтүлгөндөргө негизделип мунайга болгон талап өстү. Ошого негизделип анын баасы да кымбаттады.

Үчүнчү алып сатарлык:

Мунайга болгон суроо талаптын өсүшү менен алып сатарлык да тез кыймылга келди. Буга кошумча базардын абалы туруктуу болушу кыйын... Ушуга жараша мунайдын баасы кымбат же арзан болушу менен алып сатарлык да өз таасирин тийгизет. Ири Хедж-Фонддор мунай базарында сунуш кылуу жана сатууда чоң рол ойношот. Ошого негизделип алып сатарлыктын эки мизи бар. Биринчисинде, талаптын өсүшүнө таасир берип мунайдын баасын жогору кылышы мүмкүн. Экинчисинде, талапты азайтып мунайдын баасын түшүрүшү мүмкүн. Бирок азыркы учурдагы мунайдын баасынын көтөрүлүшүнө алып сатарлык анча таасир эткен жок. Балким биз баяндап өткөндөй сунуш талап маселеси негизги ролду ойноду.

Төртүнчү:

Ал эми мунайдын бир баррел баасы 150 долларга же ага чейинки баага чыгып кетүүсү вакыйга дал келбейт. Анткени азыркы дүйнөлүк экономиканын абалы аны көтөрө албайт. Ушуга негизделип мунайдын баасы бир баррели 100 долларга чейин акырындык менен өсүүсү күтүлөт. Айрыкча Кытай менен Америка ортосунда качып кутулгус соода согушу мунайга болгон талаптын төмөндөшүнө таасир берет. Мындай абал мунайдын баасынын төмөндөшүнө жеңил шарт жаратат. Буга кошумча мунайдын баасынын жогору болушу Америка кызыкчылыгына дал келбей баштаганда Америка ОПЕКке мүчө өлкөлөргө Саудия аркылуу кысым өткөрөт.

**Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта**

**2018. 06. 05**

## «ОПЕК +» документи

**Суроо:** *«Эр-Рияд» сайты 2019-жылы 9-июлда «өткөн шейшемби күнү мунай экспорт кылган «ОПЕК» уюмундагы өлкөлөр «ОПЕК+» уюмундагы өлкөлөрдөн тышкары мунай өндүргөн өлкөлөр менен «Вена союзу» аталышында кол коюлган келишимде» Саудия маанилүү роль ойногондугун билдирди. Бул түзүлгөн жаңы уюм ОПЕК уюмунун ордуна башка уюм түзүлгөндүгүн билдиреби? Кийин, Саудия айтып жаткан маанилүү роль, Саудиянын өзүнөн келип чыктыбы же сырткы түрткүнүн натыйжасында келип чыктыбы? Бул уюмда Саудиянын кандай кызыкчылыгы бар. Бул жаңы түзүлгөн уюмдун жашап кетиши канчалык деңгээлде? Аллах ажрыңызды берсин.*

**Жооп:** Жогорудагы суроолордун жообу ачык-айкын болушу үчүн төмөнкү нерселерге назар салып чыгуу зарыл:

**Биринчиден: келишимдин вакиъси**

1 – Мунай экспорт кылган ОПЕК уюмундага 14 мамлекет Орусия башында турган башка 10 мамлекет менен кызматташуу келишимин

жактырды. ОПЕК уюмундагы мамлекеттер ири мунай өндүрүүчү өлкөлөр болуп эсептелет. Бул кызматташуу келишимин жактыруу 2019-жылы 2-июлда Венада ОПЕК уюмундагы өлкөлөрдүн министирлери менен башка мунуй өндүрүүчүлөр ортосунда болгон жыйын алкагында орун алды. Бул келишимге «Вена союзу – ОПЕК+» деген аталыш ыйгарылды. Бул келишимге расмий кол коюу иши ушул күздө Путиндин Саудияга пландаган жумуш сапарында ишке ашат. Бул мунай өндүрүүчү 24 мамлекет мунай өндүрүүнү азайтууну эки жарым жыл жана тогуз айга чейин улантууну убадалашышты. Бул макулдашуу бир баррель мунай баасы 147 доллар болуп туу чокуга чыгып, 2014-жылы кескин төмөндөнгөндүн натыйжасында үч жыл аралыгында Саудия «ОПЕК» менен Орусия ортосундагы мамилелер документешүү жараянына өтүп жаткандыгын билдирет. Мунай баасы түшкөндөн түшүп, 2016-жылдын башында бир баррель мунай баасы 27 долларга жакын болду. Бул, мунайга болгон дүйнөлүк суроо талапка ылайык мунайдын баасын көзөмөлдөп баруу аркети болду. Бул аралыкта Саудия ОПЕК уюму жана Орусия менен биргеликте күнүмдүк мунай өндүрүүнү ОПЕК 1.2 миллион баррелге, Орусия 300 миң барелге кыскартууга келишишти. Келишим ишке ашкандан кийин, эки жыл аралыгында мунайдын баасы кескин түшүүсү токтоп, бир баррель мунай 55 долларга көтөрүлдү. Бул баа мунай өндүрүүчүлөрдүн купулуна толо баштады.

2 – Бул жаңы түзүлүп жаткан уюм Казакстан, Мексика, Орусия, Азербайжан сыяктуу ири мунай өндүрүүчү өлкөлөрдү ОПЕКке кошулуусуна шарт жаратат. Жаңы түзүлүп жаткан «ОПЕК +» уюму дүйнөлүк мунай өндүрүүнүн 47%ын түзөт. ОПЕК өзү эле дүйнөлүк мунай өндүрүүнүн үчтөн бирин өндүрчү. Башкача айтканда, ал көпчүлүк учурда мунайдын баасын белгилөөдө жардам берүүчү фактор болуп калат. Бирок, бул, теориялык жактан алып караганда. Ал эми, иш жүзүндө бул келишимдин ишке ашуусун камсыздап жаткан башка көптөгөн нерселер бар, алардын ичинен:

а) Бул уюм ОПЕК уюмун жойбойт. Балким, ОПЕКтеги мүчө өлкөлөр Орусия башында турган башка мунай өндүрүүчү өлкөлөр менен мунасага келишишти. Тактап айтканда, уюмдун чачырап кетүү мүмкүндүгү бар. Уюм ОПЕКти алмашытыра турган уюм эмес. Башкача айтканда, ОПЕК пакты кандай болсо, ошондой өзгөрүүсүз калды. Эгер, жаңы түзүлүп жаткан «ОПЕК+» уюмуна башка мамлекеттер кире турган болсо, ал ыктыярдуу болот жана андан кайра чыгып кетүү мүмкүнчүлүгү да бар.

б) Бул келишим мунай өндүрүүчүлөргө мунай базары жаатында жаңы жагдайды милдетендирди. Бул, мунай баасына жараша өндүрүлүшү бирде жогорулап, бирде төмөндөп жаткан Америка сланец мунайы. Бул мунайдын туруктуу өндүрүлүшү 2025-жылдан кийин күтүлүп жатат. Ошондуктан, бул келишим – Америка качан өзү өндүрүп жаткан сланец мунайы мунай базарында өз ордун тапкычакты созулушу мүмкүн...

в) Саудия ОПЕКтеги көрүнүктүү мүчө өлкө. Ал – Америка малайы. Ошондуктан, ал Американын тышкы саясатынын алкагынан чыгып кете абайт. Ошол себебден улам, бул келишимде Американын колу зор күч-кубатка ээ. Анын Орусия менен болгон келишими Американын саясаты кандай өнүгүүсүнүн таасири астында калат.

**Экинчиден: Бул союздун түптөлүүсүнө таасир кылган түрткүлөр**

1 – 2014-жылдан бери мунайдын баасы кескин төмөндөшү – мунай өндүргөн өлкөлөр арасында мунайды дүйнөлүк базарга алып чыгуу жаатында бир мунасага келишип алуу ишин зарыл нерсеге айланты. Ошондой эле, базар талабына ылайык мунай баасын көзөмөлдөө иши да зарыл нерселерден болуп калды. Башкача айтканда, суроо талап теориясына ылайык. Бул көрүнүш акыркы он жыл аралыгында ОПЕК ичиндеги ири мунай өндүрүүчү өлкөлөр арасында орун алып келди. Бирок, акыркы жылдары Орусия ири мунай өндүрүүчүгө айланды. Ал күнүмдүк мунай өндүрүүнү 11 миллион баррелге көтөрдү. Тактап айтанда, дүйнөлүк мунай өндүрүүнүн 10% түзө турган болду. Ошондуктан, Орусия ОПЕКти күзөтө

турган болуп калды. Орусия ОПЕК мунай өндүрүүнү азайткан учурда мунай баасы көтөрүлүүсүнөн пайдаланып, мунай өндүрүүнү жогорулата баштады. Анткени, ал ОПЕКтин токтомдорун аткарууга милдеттүү эмес. Бул нерсе Американы кыжаалатка салды, айрыкча, ал Орусияга карата санкцияларды киргизип жаткан учурда. Ошондуктан, Америка ОПЕК ичинде таасирге ээ болгон Саудия менен Орусиягы мунасага келиштирүү аркылуу, Орусиянын мунай өндүрүшүн көзөмөлгө алуу алкагында Орусия менен ОПЕК ортосунда жаңы союз түзүүгө Саудияны милдеттендирди.

2 – Саудия менен Орусия ортосунда мунасага келишүүнүн ишке ашуусу 2014-жылдан кийин көзгө көрүнө баштады. Саудия королу Салман 2017-жылы 4-октябрда биринчи ирет Москвага иш сапары менен барды. Кийин Орусия мамбашы менен Саудия канзадасы ортосунда бир нече жолугушуулар болуп өттү. Орусия Саудия менен курал-жарак келишимин түзүү аркылуу өзүнүн аскерий өнөр жайына Саудиядан ири акча каражаттарын тартуу жаатында шилекейи ага баштады. Ушундай көрүнүштө Орусия менен Саудия ортосунда алкалардын жаңы доору башталды. Мунун баары Америка малайы Салман жана анын баласы учурунда орун алып жатат. Орусия Саудия ортосунда мунай өндүрүүнү кыскартуу аракети 2016-жылы 30-ноябрда ОПЕК жана Орусия башында турган 11 мамлекет ортосундагы келишим аркылуу ишке ашты. Келишимге ылайык, ОПЕК күнүмдүк мунай өндүрүүнү 1.2 миллион баррелге кыскартты. Калган 11 мамлекет күнүмдүк мунай өндүрүүнү 560 миң баррелге кыскарты. Мунун ичинен Орусиянын үлүшү 300 миң баррель мунайга туура келди. Келишимден мурда Саудия 2016-жылы 4-ноябрда мунай базарын мунайга толтуруп салуу менен коркутууга алган. Бул нерсе, Орусияны мунай баасы түшүп кетүүсүнөн чочулатып, Саудия менен келишимге баруусуна түртү. Анткени, Орусия бюджетинин 50%ы мунай жана газды экспорттоого таянат. Ошондуктан, ал өзүндөгү финансы таңкыстыгын алдын алуу максатында мындай кадамга барууга аргасыз.

3 – Бул келишимдин натыйжасы иш жүзүндө келишимге кол коюлгандын артынан эле көзгө көрүнүп, мунай баасы көтөрүлө баштады. Бирок, бул келишим бир жыл жана бир нече ай мөөнөткө гана каралган. Кийин келишимди узартуу жаатында узун талкуулар биринин артынан бири уланды. Мунайдын баасы Орусия үчүн жагымдуу болуп жаткандыктан, Орусия бюджетин толтуруу максатында мунай өндүрүүнү көбөйтүүгө кызыкдар болду. Ошол эле маалда, Саудия туруктуу саясаты катарында мунай өндүрүүнү кыскартууга кызыкдар эле. Ал базарды мунайга толтуруп салуу менен коркутууга алып жатты. Башкача айтканда, мунай өндүрүүнү көбөйтүп жиберүү опузасы менен коркутууга алды. Саудиянын бул коркутуусу Орусиянын мунай өндүрүүнү кыскартышы жаатына каратылды. Бул оюн ар бир аң сезимдүү адамга маалым. Америка мамбашы мунайдын баасы көтөрүлүшүн ооздуктоо максатында мунай өндүрүүнү көбөйтүүнү Саудиядан талап кылды. Американын бул кадамы Орусияны Саудия менен биргеликте мунай өндүрүүнү кыскартууга шыктандырууга багытталган. Орусия Америка мамбашынын саясатына каршы туруп жаткандай көрүндү, ошол эле маалда, Саудия Америка мамбашынын талабына жооп беришинен да чочулады. Ошондуктан, Орусия мунай өндүрүүнү кыскартуу жаатында Саудия менен аргасыз мунасага барды. Мисалы: «Трамп өзүнүн «Твиттердеги» баракчасында Саудия королу Салмандан мунай баасынын көтөрүлүшүн ооздуктоо максатында күнүмдүк мунай өндүрүүнү миллион баррелге кыскартуу жаатында сүйлөшкөндүгүн жана король Салман анын талабына жооп бергендигин жазды». («ал-Арабий Жадид», 2018.07.01).

4 – Орусиянын мунай өндүрүүнү кыскартуу жаатындагы таарынычын тастыктап турган нерсе – 2019-жылы 5-июндагы Орусиянын ири мунай өндүрүүчү «Роснефть» компаниясынын гендироктору Игорь Сечиндин билдирүүсү, бул билдирүүнү «Айнул Ихбаар» маалымат агенттиги басып чыкты: «Сечин Орусиянын мунай экспорт кылуучу «ОПЕК» жана анын союдаштары менен мунай өндүрүүнү кыскартуу келишими алкагынын

мындан ары өнүгүшү тууралуу суроого жооп берип жатып, компания дүйнөлүк мунай өндүрүүнү кыскартуу жаатындагы келишимди узартуу учурунда өкмөттөн кандай компенсация болорун караштырып жаткандыгын билдирип: «Америка базарда Орусиянын үлүшүн тартып алуу үчүн мунай өндүрүүнү күчөттү», - деди». Башкача айтканда, Орусия мунай өндүрүүнү кыскартуу анын кызыкчылыгына дал келбестигин билет. Бирок, Саудия опузалап жаткандай, мунай базарын мунай менен толтуруп салып, мунайдын баасы кескин түшүп кетүү кесепетинен улам, Орусия мунай өндүрүүдөн алып жаткан ири кирешеден кол жууп калуу коркунучунан чочулады. Анткени, Орусиянын бюджетинин жарымы мунайга таянат, ошондуктан аны кесепетти Орусия үчүн үлкөн болот. Ошол себебден улам, аргасыз абалда мунай өндүрүүнү кыскартуу жаатында макулдашууга барат! Анын натыйжасында, Америка сланец мунайын экспортоого ылайык баа жогорулайт. Бул Америка мунай компанияларынын кеңейүүсүнө алып барат... Башкача айтканда, качан Америка мунай өндүрүүнү кыскартууну каалаганда Саудия Орусиянын мойнуна сунулган кылычтын ролун аткарат.

5 – Мунай жаатында, мунай өндүрүүнү кыскартуу канчалык маанилүү экендигин түшүнүү жаатында Американын кечээгиси бүгүнкүсүнөн айырмаланат. Эгер, сланец мунайын өндүрүү иш жүзүндө реалдуулукка айланса, анда Америка аны өндүрүүнү күчөтөт. Аны өндүрүүнү күчөтүү тышкы карыздан каржалып жаткан Америка үчүн өтө маанилүү. Бул өндүрүш жана аны күчөтүү базар кырдаалына, айрыкча баа тарабына муктаж. Ошондуктан, Америка Саудияны ОПЕКтин мунай өндүрүүсүн кыскартууга милдеттендирди. Бул бир тараптан Америка компаниялары базардагы үлүштү оңой олтоң ээлеп алышына шарт жаратат. Экинчи тараптан, мунай баасы жогору бойдон калат. Башкача айтканда, Американын сланец мунайын өндүрүү үчүн экономикалык жактан жагымдуу шарт жаратат. Сланец мунайын өндүрүү бир баррель 69 доллар болушу зарыл, бирок азыр өндүрүп чыгуу технологиясынын өнүгүшү менен бул

санды дагы төмөндөтүү мүмкүнчүлүгү жаралды. Америка сланец мунайын өндүрүүнү мунай базарын ээлеп алуу жолу катары карап жатат.

6 – Саудиянын Орусияга карата кезеп жаткан таягы – мунай өндүрүүнү күчөтүү аркылуу мунай баасын түшүрүү коркутуусу болсо, ал эми, Орусиянын үмүт артып жаткан нерсеси – Жакынкы Чыгышта таасир күчүн күчөтүп алуу болуп жатат. Саудия королу Салман алгачкы ирет 2017-жылы Москвага иш сапары менен барды. Саудия королу келе жаткан күздө Орусия мамбашын Саудияга иш сапары менен келүүгө чакырды. Бул дагы сейрек кездешкен Орусия мамбашынын Саудияга иш сапары менен барышы болуп саналат. Орусия мамбашы 2019-жылы 29-июнда Жапониянын Осако шаарында Чоң жыйырмалык (G-20) саммитинде Саудия канзадасы Ибн Салман менен жолугушкандан кийин эле берген биринчи билдирүүсү «Вена келишимине» жетишилгендиги тууралуу болду. «Орусия мамбашы Саудия канзадасы Мухаммад бин Салман менен «энергетика базары жаатында талкуулашканына кубанычта экендигин билдирди». Путин кошумчалап, «ОПЕК+» ичиндеги стратегиялык шериктештик мунай базары жаатында туруктуулукка алып баргандыгын жана суроо талапка ылайык мунай өндүрүүнү көбөйтүүнү, азайтууну көзөмөлдөөгө шарт жаратkandыгын, ошондой эле, бул нерсе ушул тармакка инвестиция тартууга салым кошоорун билдирди». Путин мындай деди: «Бул келишим кандай болсо, ошондой узартылат». («Индепендент арабий», 2019.06.29). Ушунун баары Орусияны – Саудияда жана ОПЕК ичинде, ошондой эле, мунай базарында таасирим артып баратат деп үмүттөндүрүүдө! Америка Орусияны азгырып жаткан бул алдамчы үмүттү дагы бекемдөө үчүн Америка бул келишимге ыраазы эмес экендигине ишаара кылды. «Обама админстрациясында энергетика жаатында кеңешчи мансабын аркалаган Бурдов мындай деди: «Американын ОПЕКтеги негизги мамлекеттер менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүгү бар эле. Бирок, азыр Америкага негизги оппонент катары болуп келген өлкө бул келишимде жетекчилик кылууга киришип жатат». («Ал арабия нет»,

2019.07.03). Ушул маалымат булагы билдиришинче: «Америка ТИМи  Майк Помпео ушул жылдын башында «Орусия президенти мунай дипломатиясы аркылуу Жакынкы Чыгышта Америка ордун ээлеп алышы мүмкүнбү?» деген суроого жооп берип мындай деди: «Орусия мамбашы Путиндин аракети оңунан чыкпастыгына анык ишенебиз».

7 – Бул документин акыйкаты жана ага болгон түрткүлөрдүн акыйкаты жогоруда айтылып өтүлгөндөй ишке ашты. Ал эми, анын туруктуу ишке ашуусу жагы карала турган болсо, бул документтин туруктуу ишке ашуусу күмөн. Анткени, Орусия Америка ага илип жаткан кишендерден бошонуп чыгууга аракет кылат жана мунай баасы жогорулагандан пайдаланып калуу үчүн мунай өндүрүүнү күчөтүүнү каалайт. Айрыкча, жакынкы аралыктагы кырдаалда Орусия бул келишимди лаазым тутушунун кыйындашы күтүлөт, анткени соода согушу мунай баасына таасирин тийгизет. Венесуэлада, Ливия жана Иранда туруктуу мунай өндүрүү калыбына келиши жана анын базарга тийгизген таасири ыктымалдуулугу да буга түрткү болот. Ага кошумча, Орусиядагы мунай кору азыркы учурдагыдай темп менен казылса, 20 жылга жетпеген аралыкта түгөнөт. Ошондуктан, Орусиянын пайда таап алуу арекеттиндеги ат салышуусу көпкө узабайт, жаңы мунай корун таап алуу аркылуу гана ат салышуусу мүмкүн. Бирок, бул келишим 2025-жылга чейин өз ишин аткарат, бул жыл – Америка сланец мунайын туруктуу өндүрүү жолуна түшүүсү күтүлгөн жыл. Ал мунай базарына таасир кылышы айдан ачык. Орусия эртеңкиси бүдөмүк болгон мунай саясатынын акыйкаттарына карабастан, өз саясатын мунай саясатына негиздеп жатат.

8 – Сөз акырында  эскерте кетчү нерсе, Америка Саудияны түртүү аркылуу мунай өндүрүүнү күчтөө коркутуусу жана Орусияга бул аймакта өз таасирин жайып алуусуна алдамчы үмүттү берүү саясаты артында ийгилике жеткендиги. Ошондой эле, Орусия аргасыз абалда «ОПЕК+» документине түртүү ийгилиги да жатат. Ушуну баары Американын башка жааттагы

саясатына үмүт эшигин ачат. Ал үмүт – Америка кызыкчылыгы максатында Кытайга каршы туруусу үчүн Орусияга кысым өткөрүп, санкцияларды колдонуу. Эгер, Америка «ОПЕК+» планы аркылуу үмүтү ишке аша турган болсо, Американын Орусияга каршы санкциялары күчөгөндүн үстүндө болот. Америка оңой эле алданган Орусияны алдоону дагы да күчөтүп, Орусияны Кытайга каршы өз кызматчысына айлантууга умтулат. Бул боюнча, 2019-жылы 29-июнда Жапонияда болуп өткөн Чоң жыйырмалык саммиттинде Америка мамбашы Трамп Орусия мамбашы Путин менен жолугушуу алкагында андан талап кылган нерселерде көрүнүп тургандай: эгер, Орусия Американын орто аралыктагы ракеталар келишимге кайтуусун кааласа, анда Кытай да ага катышуусу керек экендиги талабы. Анткени, Орусия өз коопсуздугу үчүн бул келишимди зарыл деп билет, ошондуктан ал Кытайга аны кабыл алууга кысым кылат. Кытай муну четке кагат. Ошондуктан, Орусия менен Кытай ортосунда чыңалуу келип чыгат. Бул саясий кырдаал Орусия Америка менен биргеликте Кытайга каршы туруусуна шарт жаратат. Ушунун баарына карабастан, «Вена союзу» мунай базарына жаңыдан көзөмөл кылуу, бул Американын Орусияга карата койгон тузагы. Американын бул жааттагы ийгилиги стратегиялык жактан өтө эле алгылыктуу.

9 – Мына ушундай көрүнүштө мусулман өлкөлөрүндөгү акимдер биздин байлыктарыбызды колонизатор кафирлердин саясий оюндарына салып беришүүдө. Эгер, бул колонизатор өлкөлөр өз кызыкчылыгына ылайык мунай өндүрүүнү азайтууну талап кылышса, бул рубайбизалар лаббей деп жооп беришет. Ошондой эле, алар мунай өндүрүүнү күчөткүлө десе, бул рубайбиза акимдер ага да лаббей деп жооп беришет. Эгер, алардын кызыкчылыгы талап кылып биздин байлыктарыбызды арзан алгылары келишсе, бул кыянатчы акимдер ага да макул болушат. Эгер, алардын кызыкчылыктарына ылайык, Трамп билдиргендей «алар өз тактыларын сактап калууга макул болушуп баштарын ийкешкен» бул рубайбизалардын

тактыларын сактап берүү шылтоосу менен биздин байлыктарыбызды бекер алгылары келсе, алар ага да макул болушат!!! Акимдердин бул дүйнөдөгү ахвалы Аллах Таала айткандай:

***«Алар акыл жүргүзбөгөн дүлөй, дудук жана көр»*** [2:18]

Акыретте да көр абалда болушат.

***«Кимде ким бул дүйнөдө көр болсо, демек, акыркетте да көр жана адашкан жолдо** (болот)**»*** [17:72]

**12-июль, 2019-м.**

**9-зул-каъда, 1440-х.**

### Мунай базарындагы туруксуздук тууралуу

**Суроо:** *Ассаламу алайкум рохматуллоохи уа баракаатуху, урматтуу Амир. Туура жолдогу Халифалыкты сиздин колуңуз аркылуу тикелеленишине Аллах сизге күч кубат берсин. Менин суроом Америка Иран ортосундагы чыңалууга алып барган жагдайлардын акыйкаты тууралуу чыккан суроо-Жооптогу «дүйнөлүк мунай базарына» байланыштуу.*

*Мунай баасынын көтөрүлүүсү кантип сланц мунайын өндүрүү наркына туура келет?*

*Мунай баасынын жогорулашы Американын өзүнө кыйыр түрдө терс таасирин тийгизбейби? Анткени, биз күбө болуп жаткандай, Трамп мунай өндүргөн өз малайларын бир нече жолу мунайдын баасын түшүрүүгө буйруду.*

**Жооп:** Уа алайкуму салам рохматуллоохи уа баркаатуху. Сенин суроoңо 2019-жылы 12-июлда чыккан суроо-Жоопто ачык-айкын токтолуп өткөнбүз. Сенин суроoңо төмөндөгү абзацтар жооп болот:

Саудия менен Орусия ортосунда мунасага келишүүнүн ишке ашуусу 2014-жылдан кийин көзгө көрүнө баштады. Саудия королу Салман 2017-жылы 4-октябрда биринчи ирет Москвага иш сапары менен барды. Кийин Орусия мамбашы менен Саудия канзадасы ортосунда бир нече

жолугушуулар болуп өттү. Орусия Саудия менен курал-жарак келишимин түзүү аркылуу өзүнүн аскерий өнөр жайына Саудиядан ири акча каражаттарын тартуу жаатында шилекейи ага баштады. Ушундай көрүнүштө Орусия менен Саудия ортосунда алкалардын жаңы доору башталды. Мунун баары Америка малайы Салман жана анын баласы учурунда орун алып жатат. Орусия Саудия ортосунда мунай өндүрүүнү кыскартуу аракети 2016-жылы 30-ноябрда ОПЕК жана Орусия башында турган 11 мамлекет ортосундагы келишим аркылуу ишке ашты. Келишимге ылайык, ОПЕК күнүмдүк мунай өндүрүүнү 1.2 миллион баррелге кыскартты. Калган 11 мамлекет күнүмдүк мунай өндүрүүнү 560 миң баррелге кыскарты. Мунун ичинен Орусиянын үлүшү 300 миң баррель мунайга туура келди. Келишимден мурда Саудия 2016-жылы 4-ноябрда мунай базарын мунайга толтуруп салуу менен коркутууга алган. Бул нерсе, Орусияны мунай баасы түшүп кетүүсүнөн чочулатып, Саудия менен келишимге баруусуна түртү. Анткени, Орусия бюджетинин 50%ы мунай жана газды экспорттоого таянат. Ошондуктан, ал өзүндөгү финансы таңкыстыгын алдын алуу максатында мындай кадамга барууга аргасыз.

Бул келишимдин натыйжасы иш жүзүндө келишимге кол коюлгандын артынан эле көзгө көрүнүп, мунай баасы көтөрүлө баштады. Бирок, бул келишим бир жыл жана бир нече ай мөөнөткө гана каралган. Кийин келишимди узартуу жаатында узун талкуулар биринин артынан бири уланды. Мунайдын баасы Орусия үчүн жагымдуу болуп жаткандыктан, Орусия бюджетин толтуруу максатында мунай өндүрүүнү көбөйтүүгө кызыкдар болду. Ошол эле маалда, Саудия туруктуу саясаты катарында мунай өндүрүүнү кыскартууга кызыкдар эле. Ал базарды мунайга толтуруп салуу менен коркутууга алып жатты. Башкача айтканда, мунай өндүрүүнү көбөйтүп жиберүү опузасы менен коркутууга алды. Саудиянын бул коркутуусу Орусиянын мунай өндүрүүнү кыскартышы жаатына каратылды. Бул оюн ар бир аң сезимдүү адамга маалым. Америка мамбашы мунайдын баасы

көтөрүлүшүн ооздуктоо максатында мунай өндүрүүнү көбөйтүүнү Саудиядан талап кылды. Американын бул кадамы Орусияны Саудия менен биргеликте мунай өндүрүүнү кыскартууга шыктандырууга багытталган. Орусия Америка мамбашынын саясатына каршы туруп жаткандай көрүндү, ошол эле маалда, Саудия Америка мамбашынын талабына жооп беришинен да чочулады. Ошондуктан, Орусия мунай өндүрүүнү кыскартуу жаатында Саудия менен аргасыз мунасага барды.  Мисалы: «Трамп өзүнүн «Твиттердеги» баракчасында Саудия королу Салмандан мунай баасынын көтөрүлүшүн ооздуктоо максатында күнүмдүк мунай өндүрүүнү миллион баррелге кыскартуу жаатында сүйлөшкөндүгүн жана король Салман анын талабына жооп бергендигин жазды». («ал-Арабий Жадид», 2018.07.01)». (Цитата бүттү).

Бул жоопко толук, терең назар салсаң жетиштүү болот деп ойлойм. Аллах билүүчү жана өкүмдар.

**Боордошуңар Ато бин Халил абу Рушта**

**3-зулхижжа, 1440-х.**

**4-август, 2019-ж.**

## Сауд Арабиянын нефть казып алууну кескин кыскартуусунун артында эмне турат?

**Суроо:** *Эмне үчүн Американын малайы болгон Сауд Арабия АКШнын каалоосуна тескери түрдө нефть казып алууну – баалардын көтөрүлүшүнө себеп боло турган даражада – кескин кыскартуу үчүн «ОПЕК+» уюмунда Россия менен кызматташты? Мындан ачууланган АКШ Сауд Арабия менен мамилелерин кайра карап чыгарын билдирди. “Байден Сауд Арабия нефть казып алууну кыскартууда Россиянын тарабында турганы үчүн Вашингтон жана Эр-Рияд ортосундагы мамилелерди кайра карап чыгууну убадалап, мунун «акыбеттеринен» эскертти”. (“Франс 24”, 2022-жыл, 16-октябрь). Сауд Арабия жана анын учурдагы өкүмдары Ибн Салман Американын*

*малайы экени эсепке алынса, бул аракеттерди кандай түшүндүрүү жана мындан эмнени күтүү мүмкүн?*

**Жооп:**

Оболу, моюнга алуу керек, Сауд Арабия жана Бириккен Араб Эмираттары Россия менен келишип «ОПЕК+» уюмунун алкагында нефть казып алуу көлөмүн күнүнө 2 миллион баррелге азайтышы Байден жана Европа үчүн сокку болду. Себеби, бул мамлекеттер Россиянын энергия ресурстарынан баш тартуу жана аларга муктаж болбоо үчүн чоң күч жумшап жатышат. Ушул себептен улам, ресурстардын дефицити бааларга, айрыкча, Европада абдан көтөрүлүп кеткен бааларга таасир кылбашы үчүн алар дүйнө базарларында Россиянын энергия ресурсунан башка энергия ресурстарын көрүүгө көбүрөөк муктаж болушууда... Сауд Арабиянын бул кадамдан көздөлгөн максатын билүү үчүн ушул кадамдын айланасындагы эл аралык чөйрөнүн акыйкатын үйрөнүп чыгуу зарыл:

Биринчи: Европадагы энергия кризиси:

1 – “Бир нече ай мурун Европа Союзу Россиянын Украинадагы аскерий аракеттери себептүү ага каршы декабрь айынан баштап Россиядан келчү нефть импортуна тыюу салууну өз ичине алган алтынчы санкциялар пакетин тастыктады. Чынында, Европа Союзуна Россиядан чийки нефть импорту кыскарып, өткөн август айында күнүнө 1,7 миллион баррелге төмөндөп кеткен. Январь айында бул көлөм күнүнө 2,6 миллион баррелди түзгөн...”. (“Индепендент арабий”, 2022-жыл, 12-сентябрь). Европанын бул санкциялары Россия нефтисинин деңиз аркылуу импорт кылынышын өз ичине алат, кээ бир түтүктөр аркылуу өткөрүлө турган нефть импортун өз ичине албайт. АКШ Европага жардам берүү үчүн Европа Союзу (алтынчы санкциялар пакетинен мурда) баш тарткан Россия нефтисинин жарымынын ордун алда качан толтурган.

2 – Башка жактан караганда, Европа күн сайын күчөп жаткан энергия кризисин башынан өткөрүүдө. Газ жана электр энергия баасы эки эсеге

көтөрүлгөн. Бул, Украина согушунан мурун Европа Россиянын энергия камсыздоосуна чектен тышкары көз каранды болгонунун натыйжасы болуп саналат. Ушул күндөрдө Европа менен Американын ортосундагы табигый газдын баасы төрт эсеге айырмаланып жаткан болсо да, бул нефтиге тиешелүү маселе эмес. Себеби, дүйнөдө нефтинин баасы дээрлик бирдей. Ал эми, газдын баасы газ түтүктөрүнүн же суютулган газды кайра иштетүү заводдорунун бар экенине карап айырмаланат. Башкача айтканда, Европанын Россияга каршы 6-санкция пакети Европада 1,4 миллион баррель нефть дефицитине алып келет. Бул өтө чоң өлчөм болуп, нефть баасынын дагы көтөрүлүшүнө себеп болушу күтүлөт. Эгер буга «ОПЕК+» уюмунун нефть казып алуу көлөмүн күнүнө 2 миллион баррелге азайтуу жөнүндөгү токтому негиз кылынса, баалар чектен тышкары кымбаттайт.

Экинчи: бул нерсе Россияга кандай таасир кылат?

1 – Америка менен Европа мамлекеттери Россиянын экономикасын курчоого алып, аны акчадан куру калтырууга аракет кылышууда. Ушул себептен улам, алар Россиянын нефть кирешелерин азайтуу үчүн дүйнө базарларына өтө көп көлөмдө нефть чыгышын каалап жатышат. Бирок «ОПЕК+» уюму нефть казып алууну кыскартуу боюнча кабыл алган акыркы токтому нефть дефицитине жана баалардын көтөрүлүшүнө, натыйжада Россиянын финансылык пайда көрүшүнө жол ачып жатат. Америка менен Европа мамлекеттери болсо, муну каалашпайт. Туура, Американын узак мөөнөттүү максаттары бар. Анын бул максаты Европанын Россия менен болгон алакаларын үзүүдө т.а. энергия менен камсыздоо чынжырын өзгөртүүдө көрүнөт. Бирок, Москваны финансылык жактан бууп таштоо да – АКШнын негизги максаттарынын бири. Ошондуктан, Сауд Арабия тарабынан АКШнын бул максатына каршы аракеттердин жасалышы таң калычтуу туюлат.

2 – АКШ менен Европа мамлекеттери ушул максаттарынын алкагында Россиянын нефтиси жана газы үчүн эң жогору баанын чегин белгилөөнү

активдүү талкуулап жатышат. Себеби, алар санкциялар себептүү Россиянын энергия ресурстары Европа базарынан тосулгандан кийин Москва өз нефтиси үчүн Индия, Кытай жана башка Азия мамлекеттеринде жаңы базарларды ача алганына күбө болушту. Россия бул мамлекеттерге нефтини арзан бааларда сатып жаткан болсо да, бирок, санкциялардан кийин дүйнө бойлоп нефть баасынын көтөрүлүшү Россияга ортодогу айырманы каптоо мүмкүнчүлүгүн берди. Башкача айтканда, дүйнөдө нефть баасынын кымбаттагандыктан нефть сатуудан Россиянын казынасына түшкөн киреше Украина согушунан мурунку доорго салыштырмалуу өзгөргөн жок. Ошондуктан, Москванын нефтиден ала турган кирешелерин чектөө максатында Россия нефтиси үчүн эң жогору баанын чегин белгилөө максаты пайда болду. Бирок, муну менен бирге, дүйнө базарларында нефть жеткирип берүү жетиштүү даражада калышы керек, муну менен баалар бул мамлекеттер үчүн алгылыктуу болушу кажет. Россия нефтиси үчүн жогорку бааны белгилөө дале пландаштыруу баскычында турат. Россия анын нефтиси үчүн эң жогорку баанын чегин белгилеген мамлекеттерге нефть жеткирүүдөн баш тартканда – бул жагдай дүйнөлүк бааларга таасир кылышын этибарга алып – Америка менен Европа мамлекеттери Россия нефтиси үчүн эң жогору баанын чегин белгилөөгө батына алышпады.

Үчүнчү: АКШ Конгрессине шайлоолор:

1 – 2022-жылы 8-ноябрда АКШ Конгрессине арадагы шайлоолор болуп өтөт. Мурунку президент Дональд Трамп таандык болгон Республикачылар партиясы бул шайлоолордо жеңишке жетишип, Конгресстин эки палатасын тең: Өкүлдөр палатасы менен Сенатты көзөмөлгө алууга үмүт кылууда. Бул шайлоолор өтө маанилүү. Себеби, анын натыйжалары бийликке кайтууну пландап турган Республикачылар партиясы үчүн 2024-жылдагы президенттик шайлоого жолдонмо болуп эсептелет. Америкада Демократтар партиясы жана аны колдоп-кубаттаган технологиялык компаниялар менен Республикачылар партиясы жана аны колдогон нефть компаниялары

ортосунда кескин бөлүнүү болгон соң, «ОПЕК+» уюмунун нефть казып алууну сезилээрлик даражада кыскартуу чечими ушул шайлоолорго таасир көрсөтүшү табигый. Бул маселеде Сауд Арабиянын «ОПЕК+» уюмун колдоо чечими болсо маселенин негизги нуктасы.

2 – Маселенин маңызына келсек, Америка өтө оор доорду башынан өткөрүүдө. Т.а. Конгресс шайлоолоруна бир ай калганда: “5-октябрь күнү нефть экспорттоочу мамлекеттер алянсы «ОПЕК+» келерки ноябрь айынан баштап күнүмдүк нефть казып алуу көлөмүн 2 миллион баррелге азайтууга чечим кылганын жарыялады. Бул абал нефть баасынын 10 % көтөрүлүшүнө алып келди. Кийин бул апта бир аз төмөндөдү”. (“Анадолу агенттиги”, 2022-жыл, 12-октябрь). «ОПЕК+» чечиминин ушул табигый натыйжасы т.а. нефть баасынын кымбатташы Сауд Арабиянын ушул чечимди колдоодон көздөгөн негизги максаты эле. Себеби, Америкада күйүүчү май баалары америкалык шайлоочулар үчүн өтө назик маселе. Баалардын көтөрүлүшү АКШ шайлоочуларынын маанайына таасир кылып, аларды президент Байденден жана анын демократтар партиясынан баш тартып, Республикачылар партиясынын талапкерлерин шайлоого үндөшү мүмкүн. Америка расмийлери «ОПЕК+» чечимин бир айга т.а. Конгресстин арадагы шайлоолорунан кийинкиге кечиктирүү үчүн Сауд Арабия жана Фарс булуңу мамлекеттери менен байланышканы да ушуга далалат кылат. “«Уолл Стрит Жорнал» гезити «ОПЕК+» уюмунун нефть казып алууну кыскартуу чечимин бир айга кечиктирүү жөнүндөгү АКШ расмийлеринин талабына Сауд Арабия макулдук бербегени жөнүндө кабарлады. Гезит сүйлөшүүлөрдөн кабардар булактарга таянып баса белгилешинче, АКШ расмийлери «ОПЕК+» чечиминен мурун, бешинчи октябрь күнү Сауд Арабия жана Фарс булуңундагы нефть казып алуучу башка союздаш мамлекеттер менен байланышып, алардан бул маселе боюнча чечимди болгону бир айга кечиктирип турууну сураган. Бирок, бул мамлекеттер өтүнүчтү четке кагышкан. Абалдан кабардар адамдардын айтымында, АКШ расмийлери бул

планды кечиктирүүгө көндүрүү үчүн Сауд Арабига күчтүү басым кылуу кампаниясын алып барууда. Гезит маалымдагандай, Ак үй расмийлери канзада Мухаммад ибн Салман менен бир нече ирет сүйлөшүүлөрдү өткөргөн жана АКШ финансы министри Жанет Йеллен болсо Сауд Арабиянын финансы министри менен сүйлөшкөн". ("Хурра", 2022-жыл, 11-октябрь). Ошентип, талкууланып жаткан нефть казып алууну кыскартуу чечими Демократтар партиясы жана Байден администрациясы үчүн шайлоолор алдында өтө назик маселе экендиги жана Байден администрациясы бул чечимди кечиктирүүгө аракет кылганы, бирок, ийгиликке жетпегени белгилүү болду.

3 – Жогорудагылардан көрүнүп тургандай, Сауд Арабия «ОПЕК+» уюмунун нефть казып алууну чоң көлөмгө (күнүнө 2 млн. баррелге) кыскартуу чечимин катуу колдошу артында Батышка каршы Россия казынасына финансылык жардам көрсөтүү жана Европадагы энергия кризисин тереңдетирүү планы жок. Себеби, эгер Вашингтондогу кожоюндары талап кылбаса Саудия Европага каршы туруурга алсыздык кылат. О.э. Сауд Арабия Америкадагы кожоюндары менен биргеликте Трамптын партиясы болгон Республикачылар партиясынын добуштарын көбөйтүүнү пландап жатканы да анык. Бул окуялар Америкадагы саясий турмуш бөлүнүү таасири астында жамандашканына далалат кылат. А түгүл, бир партия башка бир партиянын – ал мамлекетти башкарып жаткан болсо да – кызыкчылыктарына сокку берүү үчүн чет мамлекеттер менен кызматташууга да даяр!

4 – Байден администрациясы Сауд Арабия жана анын чечимине ачууланганын ашкере кылды. "Шейшемби күнү кечинде Байден «CNN» телеканалына берген интервюсунда: «Алардын (саудиялыктардын) Россия менен жасаган иштери кээ бир «акыбеттерге» алып келет», - деди, жана: «Мен эмнени баалап жатканым жана оюмда эмне бар экени жөнүндө киришпейм. Бирок, акыбеттери болот», - деп кошумчалады. Президент Байден Сауд Арабия менен мамилелерди кайра көрүп чыгуунун убагы

келгенине ишара кылды". "Анадолу" агенттиги, 2022-жыл, 12-октябрь). "Ак үйдүн маалымат катчысы Карин Жан-Пьер шейшемби күнү берген билдирүүсүндө президент Жо Байден администрациясы башынан эле Сауд Арабия менен башкача мамилелерди түзүү зарылдыгы бар экендиги жөнүндө ачык айтып келгенин билдирди. Маалымат катчысы Вашингтон менен Эр-Рияд ортосундагы мамилелер кайра каралып жатканы жана Конгресс менен кеңешүүнүн негизинде келерки апталарда эмне болушун күзөтөрүн баса белгиледи. Ал кошумчалап: "«ОПЕК+» уюмунун чечими Сауд Арабия энергетика саясатында Россия менен союздаш экендигин көрсөтөт", - деди". ("Ал-Жазира", 2022-жыл, 12-октябрь).

Төртүнчү: мындан эмнени күтүү мүмкүндүгүнө келсек, ал ушул көрүнүштө болот:

1 – «ОПЕК+» уюмунун нефть казып алууну күнүнө 2 миллион баррелге азайтуу чечими нефть камсыздоого чоң таасир кылары табигый. Ал тургай, бул чечимден мурун Байден администрациясы АКШда күйүүчү май баасынын кымбатташына каршы чара катары жана Конгресс шайлоолорунда зыян көрбөө үчүн АКШ стратегиялык нефть запасынан 6 ай аралыгында күнүнө 1 миллион баррель нефть чыгарууга чечим кылган. "АКШ президенти Жо Байден АКШ запастарынан базарга болуп көрбөгөндөй даражада нефть чыгарылышын жарыялады. О.э. Байден мамлекет жерлерин ижарага алган, бирок, нефть жана газ казып алууну көбөйтпөгөн компанияларга жаза колдонушун билдирди. «Союздаштар жана шериктештер менен кеңешкенден кийин президент тарыхта эң ири өлчөмдө нефть запастарынан базарга чыгарылышын билдирди. Келерки алты айда базарга күндө кошумча бир миллион баррель нефть чыгарылат» деп айтылат Ак үйдүн билдирүсүндө". «CNN Arabic», 2022-жыл, 31-март).

2 – Бул нерселерден – Байдендин нефть өндүрүүнү көбөйтүү талабы Сауд Арабия тарабынан четке кагылып жатканда – АКШ президенти Конгресс шайлоолору алдында жергиликтүү күйүүчү май базарларын кантип

тынчтандырууга аракет кылып жатканы белгилүү болот. Сауд Арабия Конгресс шайлоолоруна болгону бир ай калганда «ОПЕК+» уюмунун нефть казып алууну сезилээрлик даражада азайтуу жөнүндөгү чечимди колдоду. Ал тургай, Саудия мындан башка көп иштерди да жасады, Россиядан импорт кылына турган нефть көлөмүн эки эсеге көбөйттү. «Рефинитив Эйкон» кемелерди күзөткөн компаниянын маалыматтарына ылайык, "Сауд Арабия үстүбүздөгү жылдын апрель-июнь айларында Россия жана Эстония порттору аркылуу Россиядан 647 миң тонна (күнүнө болжол менен 48 миң баррель) нефть импорт кылган. Бул көрсөткүч мурунку 2021-жылдын ушул учурунда импорт кылынган нефтиден эки эсе көп". ("Хурра", 2022-жыл, 15-июль). Бул – Сауд Арабия Республикачылар партиясы жана АКШ нефть компаниялары менен кызматташып президент Байдендин Россияга жана дүйнөлүк нефть баасына карата саясатына каршы күрөшүү максатында жасап жаткан ири фитнадан кабар берет.

Эгер, бул нерселерге мурунку Трамп администрациясындагы Жаред Кушнер сыяктуу таасирдүү адамдардын Сауд Арабия менен алакаларын эсепке ала турган болсок, Сауд Арабия өзүнүн нефть саясатын Республикачылар партиясы, айрыкча, мурунку президент Трамптын командасы жана Республикачылар партиясына колдогон Америка нефть компаниялары менен шайкеш алып барып жатканы ачыкталат. Бул компаниялар Сауд Арабиянын нефть өнөр жайында терең тамыр жайган.

3 – Шексиз, жакын күндөрдө Саудиянын бул саясаты Байден администрациясынын басымына дуушар болот. Негизи, Байден «ОПЕК+» уюмунун нефть өндүрүүнү сезилээрлик даражада кыскартуу чечиминен кийин Сауд Арабия менен мамилелерди кайра карап чыгуу жараянында экенин билдирди. Ал тургай, Байден администрациясынын расмийлери алда качан Сауд Арабия менен Россияны байлоого өтүштү: "АКШ президенти Байден «ОПЕК+» уюмунун нефть казып алууну кыскартуу чечими себептүү Сауд Арабияга «акыбеттери» болорун айтып, Сауд Арабия менен

мамилелерди «кайра карап чыгуунун» убагы келгенин баса белгиледи. Ошол эле учурда, Ак үй Улуттук коопсуздук кеңешинин сүйлөөчүсү Жон Кирби президент Байден АКШ жана Сауд Арабия ортосундагы мамилелерди «кайра карап чыгуу» жөнүндө буйрук бергенин билдирди”. (“Хурра”, 2022-жыл, 12-октябрь). Демократтар партиясынын сенатору жана тышкы алакалар комитетинин төрагасы Боб Менендес “«Россиянын Украинага ырайымсыз бастырып киришин активдүү колдоп жатат» деп Саудияны айыптады. Иллинойс штатынын сенатору Ричард Дурбин шейшемби күнү «Сауд Арабия Украинадагы согушта Россиянын жеңишке жетишин каалашы анык» деди. Дурбин «CNN» телеканалына берген интервюсунда «Ачыгын айталы, Путин менен Сауд Арабия АКШга каршы», деди жана Сауд Арабия ишеничтүү союздаш эместигин баса белгиледи”. (“Хурра”, 2022-жыл, 12-октябрь). Шексиз, Сауд Арабиянын бул аракеттери Россиянын кызыкчылыктарына туура келбейт. Саудия 2020-жылы Трамп администрациясы доорунда Россияны нефть казып алууну кыскартууга мажбурлоо үчүн Москванын кызыкчылыктарына катуу сокку бергени белгилүү. (Бул жөнүндө 2020-жылы 29-апрелде жарыяланган «Нефть кризиси жана анын акыбеттери» деген суроо-жоопто кеңири айтылган). Ошондуктан, Сауд Арабия Америкага каршы Россияны колдоп жатат деп ойлоо куру кыялдан башка нерсе эмес. Американын малайы болгон Саудиянын жетекчилери мындай ишке батына алышпайт.

Бешинчи: Сауд Арабиянын учурдагы нефть саясатынын акыйкаты мына ушундай. Бул саясат Байден администрациясынын каалоолоруна анык тескери болсо да, Республикачылар партиясы жана аны колдоп жаткан Америка нефть компанияларынын каалоолоруна туура келет. Бир жактан алганда, АКШ нефть компаниялары өз кызыкчылыктары үчүн бааларды көтөрмөкчү болсо, экинчи маанилүү жактан алып караганда Республикачылар партиясы Конгресстин эки палатасын тең көзөмөлдөө үмүтүндө, жакындашып жаткан Конгресстин арадагы шайлоолорунда

президент Байдендин Демократ тарапкерлерин сүрүп чыгарууга умтулууда. Бул болсо, алардын 2024-жылдагы президенттикке кайтышын жеңилдетет.

Эгер, Сауд Арабия жана нефтиге бай Фарс булуңу мамлекеттери нефть сатуу жана баа белгилөө жагынан көзөмөлдү колго алууну каалашса, муну өздөрүнүн жана элинин кызыкчылыгы үчүн кылышы мүмкүн эле. Бирок, мындай пикирлер бул малай өкүмдарлардын оюна да келбейт. Себеби, алар тыңчылык жана чет элдиктерге моюн сунуу о.э. Ислам жана мусулмандарга душмандык кылууну кесип кылып алышкан. Жакында Аллахтын уруксаты менен тикелене турган Халифалык мамлекети гана мусулмандардын нефтисин душмандардын колундагы курал эмес, мусулмандар колундагы куралга айлантат.

﴿وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ الْمُؤْمِنُونَ * بِنَصْرِ اللَّهِ يَنْصُرُ مَنْ يَشَاءُ وَهُوَ الْعَزِيزُ الرَّحِيمُ﴾

«Ошол күндө момундар Аллахтын нусраты себептүү шаттанышат. (Аллох) Өзү каалаган кишилерге нусрат берет. Ал Зат кудуреттүү жана ырайымдуу» [30:4-5]

**21-робиулаввал, 1444-х.**

**17-октябрь, 2022-м.**

## Мунайды долларга чектеген келишими тууралуу

**Суроо:** ***2024-жылы 18-июнда Аль-Хурра сайтында маалымат сайттары 1974-жылы Сауд-Америка келишими жөнүндө сөз болгон кабарлар кеңири тараганы айтылды. Ал келишим Сауд Арабиясынан бардык мунай соодасында долларды колдонууну талап кылат. Бул маалыматтарга караганда, 50 жылга созулган бул келишимдин мөөнөтү бүттү. Бирок, дүйшөмбү күнү Leader Insight веб-сайты бул кабарларды четке кагып, "андай келишим жок" деп баса белгиледи. Мен бул келишимдин чындыгын тактагым келет. Эгер аталган келишим бар болсо доллардын үстөмдүгүн сактап калууда мунайдын ролу кандай? БРИКС уюму келечекте доллардын үстөмдүгүнө таасир эте алабы?***

**Жооп:** Жогорудагы суроолорго жоопту тактоо үчүн биз төмөнкү маселелерди карап чыгабыз:

Биринчи: Электрондук маалымат сайттары абдан көп. Мунай сатууну долларга чектөө боюнча Сауд-Америка келишиминин мөөнөтү аяктаганы тууралуу тараган кабарларга келсек, бул тууралуу эки өлкөнүн бир дагы расмий адамы айткан жок. Алар бул маселени атайын көз жаздымда калтырышкандай! Ал эми жалпыга маалымдоо каражаттарына келсек, алар адегенде бул маалыматты таратуудан карманышты. Кийин алардын кээ бирлери бул тууралуу көп сөз болгондугуна байланыштуу айта баштады. Мисалы, 15-июнда Орусиянын "RT" сайты: "Сауд Арабиясы менен АКШнын ортосунда 1974-жылы кол коюлган мунай-доллар боюнча келишимдин мөөнөтү бүттү", - деп жазды. Аны Ольга Самовалова "Взгляд" гезитине жарыялады. Бул Сауд Арабияга өзүнүн мунай жана башка продуктыларын АКШ долларында гана эмес, башка валюталарда да сатууга мүмкүндүк берет. Бул орусиялык маалымат булактарынын мындай келишим бар экени тууралуу расмий эмес ырастоосу...

Экинчи: Америкалык маалымат булактар бул маалыматты четке кагууда:

2024-жылы 18-июнда Аль-Хурра сайты: "Келишим Сауд Арабиясынан бардык мунай сатууларында долларды колдонууну талап кылат. Маалыматтарга караганда 50 жылга созулган бул келишимдин мөөнөтү азыр бүттү", - деп жазды. Бирок, дүйшөмбү күнү "Leader Insight" веб-сайты бул кабарларды четке кагып, "андай келишим жок" деп баса белгиледи.

"MorningStar" гезити 2024-жылы 17-июнда Америка менен Сауд Арабиянын ортосундагы узак мөөнөттүү мунай-доллар келишиминин кыйрашына байланыштуу маалымат сайттарында тараган кабарларга токтолуп, "Бул келишим эч качан болгон эмес", - деди.

"UBS Global Wealth Management" башкы экономисти Пол Донован жума күнү жарыяланган блогунда мындай деди: "Мунай-доллар келишими"

тууралуу маалымат таң калычтуу түрдө кеңири жайылып, мааылматты тастыктап алуу коркунучуна байланыштуу дагы бир сабак берди" (MorningStar, 17.06.2024).

Үчүнчүсү: Акыркы макалалар, маалыматтар боюнча эки тараптын эч бири расмий комментарий берген жок. Америка Кошмо Штаттары менен Сауд Арабиянын ортосунда 1974-жылы түзүлгөн мунай-доллар келишими 2024-жылдын 9-июнунда аяктаганы айтылат. Жогоруда айтылгандай, эки тарап тең расмий түрдө бул маалыматты четке кагып же ырастап комментарий беришкен жок!

Бирок Америка менен Сауд Арабиянын ортосунда бул багытта келишим бар болушу ыктымалдуулугун көргөзгөн башка белгилер бар жана бул белгилерге төмөнкүлөр:

А) Америкада 1978-жылы Башкы көзөмөл кызматы жарыяланган "Экономикалык кызматташтык боюнча Америка-Сауд комитети" деген докладында мындай деп айтылган: "1974-жылы июнь айында түзүлгөн Сауд-Америка Экономикалык Кызматташтык Комитетинин ишин күчөтүүнү жана мунай долларларын кайра иштетүү үчүн Эр-Риядда АКШнын Каржы кеңсесин ачууну сунуштайт". Доклад өзүнүн кириш сөзүндө бул биргелешкен комитеттин түзүлгөндүгүн ырастайт.

Б) Пол Донован өзүнүн блогунда: "Бүгүн тараган "нефть-доллар келишими" деген жаңылык фейк кабар экени анык" деп айткандан кийин, кошумчалап: "Балким, буга эң жакын нерсе 1974-жылдын аягында АКШнын казынасына мунай сатуудан түшкөн миллиарддаган долларлык инвестициянын ордуна жардам жана аскердик техника берүүнү убада кылган АКШ менен Сауд Арабиянын ортосунда жетишилген жашыруун келишим болушу мүмкүн". (MorningStar, 06.17.2024).

В) "MorningStar" гезити 2024-жылдын 17-июнунда Америка менен Сауд Арабиянын ортосундагы мунай-доллар келишимин жазгандан кийин, Американын бухгалтердик бюросу тарабынан жарыяланган отчеттун

негизинде, бул маселе эки өлкөнүн ортосундагы экономикалык кызматташтыкты арттыруу үчүн түзүлгөн биргелешкен комитетке тиешелүү. Ага 1974-жылы 8-июнда АКШнын мамлекеттик катчысы Киссинджер менен Саудиянын мураскор ханзаадасы Фахд бин Абдул Азиз ортосунда кол коюлган”, - деп жазды.

Г) Кувейттин “Аль-Кабас” гезити 2020-жылы 20-октябрь күнү “News Memory” гезитинде 1974-жылдын 7-июнундагы санында жарыялаган кабарын кайта жарыялады. Анда төмөндөгүлөр айтылган: “Бүгүн президент Никсон Сауд Арабия өкмөт башчысынын экинчи орун басары жана ички иштер министри ханзада Фахд бин Абдулазиз менен Египет жана Сирия фронтторунда “Израил” менен күчтөрдү бөлүштүрүү жөнүндөгү келишимдерге ылайык Жакынкы Чыгышта туруктуу тынчтыкка жетишүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн талкуулады. Ошондой эле Сауд Арабия падышалыгы менен АКШнын ортосундагы экономикалык, өнөр жай жана коргонуу тармагындагы кызматташтыкты кеңейтүү жолдорун талкуулашты. Алардын сүйлөшүүлөрү кечээ күнү үч күндүк визит менен бул жерге келген меймандын урматына Американын президенти Никсондун Ак үйдөгү кабинетинде болду. Ал ханзада Фахд Америка Кошмо Штаттарын мунай менен камсыз кылуунун ордуна өз өлкөсүнө америкалык аскерий жардамды көбөйтүүгө умтулуп жатканын билдирди.

Д) “Businesstimes.com.sg” 2024-жылдын 18-июнунда, “1974-жылы 8-июнда америкалык “Нью-Йорк Таймс” газетасы өзүнүн биринчи бетинде Мамлекеттик катчы Киссинджер жана Сауд Арабиянын Өкмөт башчысынын экинчи орун басары жана падыша Файсалдын бир тууган агасы ханзада Фахд бин Абдулазиз алты барактан турган келишимге бүгүн эртең менен Ак үйдүн каршысындагы Блэр Хаустун имаратында кол коюшту”, - деп жазды.

Төртүнчүсү: Жогорудагы “Үчүнчү” пунктту кылдаттык менен карап чыксак, АКШнын президенти Никсондун Фахд бин Абдулазизди кабыл алуусу көңүлдү буруп, бул сапардын чоң маанисин көрсөтүп турат. Буга

1974-жылдын 8-июнундагы Америка-Сауд Экономикалык Кызматташтык Комитетинин түзүлүшү, бул тууралуу расмий булактардын маалыматы, анын ичинде Американын башкы көзөмөл кызматынын отчету да далалат кылат. Бул комитет келишимди ишке ашырууга жооптуу болгондугун да көрсөтүп турат. Булардын баары Америка менен Сауд Арабиянын ортосунда бир келишимдин бар экенин тастыктайт. Мейли ал жазылган же жашыруун болгонбу, же милдеттүү жана жазылбаган түшүнүк түрүнөнбү айырмасы жок. Кичинекей малай мамлекет менен эң күчтүү мамлекет болгон Американын ортосундагы мындай келишимдер малайлар үчүн толугу менен милдеттүү жана ал жазылбаса да толук аткарылат!

Жогорудагы фактылардын бардыгы бул келишимдин, тагыраагы, мунайды долларга чектөө боюнча келишимдин бар экендигин ырастайт. Бул жашыруун бойдон калууда жана расмий чөйрөлөр тарабынан таанылбаса да, бирок алар аны танбайт.

Бешинчиден: Муну ырастаган нерсе Американын долларды эл аралык валюта катары калуусуна кызыктар экендиги. Ал төмөнкүчө:

А) 1944-жылы алтындын унций баасы 35 доллар деп белгилеген Бреттон-Вуд келишими түзүлгөн. Ушундан кийин доллар дүйнөлүк акча системасынын эң жогорку деңгээлине жетти. Бирок, Американын колониялык долбоорлорунан, айрыкча Вьетнам согушунан жана согушка кеткен өтө көп чыгымдар себептүү Америка алтынга караганда көп доллар басып чыгарды. Натыйжада, 1960-жылдардын аягында жүгүртүүдөгү доллардын саны көбөйүп, дүйнөдө доллар алтынга караганда көбүрөөк болуп калды. Бул чет мамлекеттерди өзүндөгү долларды алтынга алмаштыруу үчүн алтынды талап кылууга шыктандырды. Бул Американын алтын запастарынын түгөнүшүнө алып келди. АКШнын алтын запастары Экинчи дүйнөлүк согуштун аягындагы 574 миллион унциядан 1971-жылы 261 миллион унцияга чейин азайып кетти. Андан кийин АКШнын президенти Ричард Никсон 1971-жылы

15-августта алтын стандартын жокко чыгарып, долларды алтындан толугу менен ажыратты. Бул “Никсон шоктугу” аталышы менен белгилүү.

Б) Бирок, доллар менен алтындын ортосун мындай ажыратуу Америка үчүн саясий жана финансылык көйгөй жаратты. Бул дүйнө өлкөлөрүндө доллар алууга эч кандай шыктануу жок дегенди билдирет. Бул Американы өлкөлөрдүн долларга болгон суроо-талабын жогорулатууга түртө турган жана доллардын глобалдык статусун сактап кала турган башка каражаттарды издөөгө мажбур кылды. Америка өзүнө керектүү нерсени дүйнөнүн энергияга болгон муктаждыгынан тапты. Демек, Сауд Арабиясы ошол кездеги эң чоң өндүрүүчү болгон мунайдын негизги булагы болгон.

В) Никсон администрациясы муну Сауд Арабиясы менен 1972-1974-жылдары мунай-доллар келишимин түзүү боюнча сүйлөшүүлөр аркылуу чечкен. Андан кийин келишимде Америка Саудия режимине коопсуздук кепилдигин бериши каралган. Ага жооп катары дүйнөнүн эң ири мунай өндүрүүчүсү жана дүйнөдөгү эң чоң мунай запастарына ээ болгон Сауд Арабиясы мунай затын доллар менен сатуусу каралган. Ошондой эле, Сауд Арабиясы мунайдан түшкөн миллиарддаган АКШ долларын АКШнын казынасынын облигацияларына кайра иштетүүгө макул болду.

Г) Бул келишимден мурда Сауд Арабиясынын Англияга малай бийлиги мунайды британ фунт стерлинги менен соодалашчу. Бул келишим 1974-жылы 8-июнда мамлекеттик катчы Киссинджер менен принц Фахд бин Абдулазиздин ортосунда түзүлгөн. Ошентип, мунай фунт стерлингдин ордуна доллар менен айырбаштала турган болду. Ошондон кийин ханзаада Фахд атактуулукка жетип, 1975-жылы мураскор ханзада болгон. Бир тууганы падыша Халиддин тушунда ал көпчүлүк ыйгарым укуктарга ээ болду жана падыша Халид өлүп, 1982-жылдын 1-июнунда падыша болгонго чейин муну уланткан. Ал Америкага малайлыгы менен белгилүү болгон.

Ошентип Сауд Арабиянын мунайдын баасы менен болгон мамилеси 1975-жылдын башынан тартып доллар менен чектелди. Маалымат булактары

1974-жылдан кийин Сауд Арабиянын мунай сатуусу АКШ доллары менен чектелгендигин белгилешкен. Буга мунай өндүрүүчү өлкөлөрдүн уюму болгон ОПЕК да кирди. Анын натыйжасында мунай сатып алуусу керек болгон ар бир өлкө үчүн мунай операциялары үчүн доллар валютасынын жетиштүү көлөмү болушу зарыл болуп калды. Демек, бул өлкөлөр доллар менен насыяларды кабыл алышы керек же каржы базарларынан доллар сатып алышы керек болуп калды. Маанилүү нерсе Америка доллардын агымын улантууга кепилдик берди. Ал эми Федералдык резерв банкы долларды басып чыгарууну улантууга кепилдик берди. Айрыкча, Сауд Арабиянын улуттук валютасы долларга байлангандыктан, экономикалык туруктуулукту сактоо үчүн Сауд Арабиянын АКШ долларын кармашына түрткү бар. Саудиянын энергетика министри Халид Аль-Фалих АКШ доллары өлкөсүнүн чийки мунайынын чет өлкөлөргө сатылуусу жана соодасы үчүн бекитилген валюта бойдон кала турганын ырастады... (Анадолу 04.09.2019).

Алтынчы: Сауд Арабиянын Кытай жана Орусия жетектеген БРИКС блогуна кошулушу боюнча.

Бул эки мамлекет тең Американын душмандары. Сауд Арабия мунайдын баасын долларга чектөөсүн улантууда. Анткени бул маселеге башка факторлор да таасир этүүдө. Муну тактоо үчүн биз төмөнкүлөрдү карап чыгабыз:

БРИКС термини Бразилия, Орусия, Индия, Кытай жана Түштүк Африканы бириктирген блокко карата колдонулат. Бразилия, Орусия, Индия жана Кытай 2006-жылы өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө эл аралык иштерде көбүрөөк рол берүү максатында БРИК тобун түзүшкөн. 2011-жылы топтун аты Түштүк Африканын кошулушу менен БРИКС болуп өзгөргөн. Түштүк Африканын борбор шаары Йоханнесбургда 2023-жылы 24-август күнү аяктаган 15-саммитинде Сауд Арабия, Египет, БАЭ, Иран, Эфиопия жана Аргентина БРИКС тобуна кирери жарыяланды. Бул өлкөлөрдүн мүчөлүгү 2024-жылдын башында башталат. Бул саммиттин максаттарынын бири

доллардын үстөмдүгүнөн кутулуу жана БРИКСке мүчө өлкөлөр үчүн валюта чыгаруу болгон. Бирок бул өлкөлөр буга макулдаша алышкан жок. Алар өз ара соодасында жергиликтүү валюталар менен иштөөнү кубаттоого аракет кылышты. Ошондуктан, булар топко мүчө болуусу үчүн эң ири мунай экспорттоочу Сауд Арабияны чакырууга аракет кылышты. Белгилей кетчү нерсе, Сауд Арабиянын 2024-жылдын 2-июнунда БРИКСке кошулаары тууралуу расмий телекөрсөтүүдө жарыяланса да, Сауд Арабиянын соода министри Мажид Аль-Касаби Давосто өткөн Дүйнөлүк экономикалык форумдун алкагындагы панелдик талкууда мындай деп билдирди: “Сауд Арабия БРИКСке кошулууга чакыруу алды. Бирок, биз расмий түрдө кошула элекпиз” (Sky News Arabic 16.1.2024). Бул Сауд Арабия БРИКСке кошулуусу Американын кызыкчылыгына туура келиши үчүн анын макулдугун күтүп жаткандыгын билдирет.

Сауд Арабия сыяктуу Америкага малайлыгы бар өлкөлөрдүн БРИКС тобуна кириши бул топту морт кылууда. БРИКС үчүн атайын акча чыгарууга Түштүк Африканын каршылыгын көрдүк. БРИКС тобунда Орусия менен Кытайдан башка көз карандысыз өлкөлөр жок. Калгандары Батыштын, өзгөчө Американын малайлары. Бирок, Орусия менен Кытай Батышка каршы чыгып, каршы фронт түзө алгандай көрүнгүсү келет. Алар ар дайым көп полярдуу дүйнө жөнүндө айтышат. Америка Сауд Арабиясына жана анын башка малайларына БРИКСке кирүүгө уруксат бериши, 2004-жылы Чыгыш Европа өлкөлөрүн Европа Биримдигине кирүүгө үндөгөндөй нерсе. Бул өлкөлөр аркылуу анын ичинен таасир этүүнү көздөйт. Америка Европа биримдигине кирген Польша аркылуу Евро Биримдиктин саясий бийлигин чыңдоо жана аны федералдык мамлекетке жакындатуу максатына тоскоолдук кыла алган. Натыйжада, биримдик сынууга жана кыйроого жүздөнгөн алсыз болгон морт биримдикке айланды. Ал Сауд Арабиясын да ушундай нерсеге дайындаган. Анткени, Саудия ОПЕКтин эң ири өндүрүүчүсү жана ага таасири күчтүү. Америка Сауд Арабиясы менен

Россиянын ортосундагы макулдашуу аркылуу ОПЕКтин чектеринде Орусиянын өндүрүшүн көзөмөлдөөгө аракет кылат. Бул үчүн ОПЕК менен Россиянын ортосунда кандайдыр бир альянс түзүү үчүн зарыл болгон ыкмаларды активдүү колдонууну максат кылууда.

Блоктун негиздөөчүсү болгон Путин БРИКСтин валютасын чыгарууга абдан ынтызар. Бирок, ал мүчө мамлекеттердин саясий реалдуулугуна багынып, мындай деди: “БРИКСти кеңейтүүнү улантуу эл аралык деңгээлде блоктун ролун активдештирет. Бирдиктүү валютаны кабыл алуу маселеси дагы эле татаал жана андан ары талкууну талап кылат” ( Al Jazeera, 24.08.023). Аль-Жазира буга чейин 2023-жылдын 23-августунда мындай кабар жарыялаган: “БРИКС тобунун бирдиктүү валютасы маселеси саммиттин жүрүшүндө расмий түрдө көтөрүлгөн эмес, анткени беш мүчө-өлкөнүн ортосунда келишпестиктер жана түшүнбөстүктөр бар. Путин биримдикке видео кайрылуусунда жергиликтүү валюталар менен соода кылууну кеңейтүүгө чакырды...”. Ошентип, Орусия БРИКСтен алгысы келген долларга альтернативалуу валюта таба алган жок.

Жетинчи: Ички кыйматы жок накталай акча кагаз болуп турганда Экономикалык проблемаларды, экономикалык спекуляцияны жана саясий талаш-тартыштарды жөнгө салууда анын эч кандай мааниси жок. Тескерисинче колониялык үстөмдүк уланат. Аллах Тааланын вахийи менен Ислам алтын менен күмүштөн б.а. өздүк баалуулугу бар материалдан акча жасаган. Пайгамбар саллаллаху алейхи уа саллам, алтын менен күмүштү акча катары белгилеген. Ал аларды товарлар менен күч-аракетти өлчөй турган акча стандарты кылды. Бул сахих хадистерде далилденген. Бирок, колонизаторлор экономикалык колониализмдин жана финансылык колониализмдин методдорун колдонуп, акчаны колониализмдин каражаты катары колдонушту. Алар башка валюталарды алтынга же күмүшкө негизделбеген системаларга өткөрүштү. Мына ушул жерден бул көйгөйлөр пайда болду. Ислам мамлекети түзүлмөйүнчө, акчаны алтын менен күмүшкө

кайтармайынча бул көйгөйлөр жоюлбайт. Алтын менен күмүш өзү жүгүртүүдө болобу, же ар дайым алтын менен күмүшкө алмаштырууга жарамдуу болгон кагаз акча жүгүртүүдө болобу айырмасы жок. Бул Аллахтын Өз илими менен түшүргөн мыйзамы. Аллах Таала айтат:

﴿أَلَا يَعْلَمُ مَنْ خَلَقَ وَهُوَ اللَّطِيفُ الْخَبِيرُ﴾.

“Жаратуучу гана билет (махлуктарынын ачык, жашыруун нерселерин, аларга эмне жакшы, эмне жаман экенин). Ал жумшак жана кабардар. (Мүлк: 14).

**1445-х, 1–Мухаррам.**

**2024-ж, 8-июль.**

## Мьянмадагы аскерий төңкөрүш акыбеттери

**Суроо:** *«БУУнун Мьянмадагы атайын өкүлү Кристин Шранер Бургенер видеоконференцияда билдиришинче, мамлекетте 1-февралда жүз берген аскерий төңкөрүштөн бери аптанын ушул шаршембиси «эң кандуу күн» болду жана «28 демонстрант өлтүрүлдү», Мьянма коопсуздук күчтөрү аскерий бийликке наразылык билдирип чыккан демонстранттарга карата ок атты...». (Ал-Жазира нет, 2021-жыл, 3-март). Белгилүү болгондой, Мьянма (Бирма) армиясы 2021-жылы 1-февралда мамлекетте аскерий төңкөрүш жасады. Ошол күнү жаңы парламент өзүнүн биринчи жыйынын өткөрүшү керек эле. Төңкөрүштүн артынан республика президенти, премьер-министр, көптөгөн министрлер жана саясатчылар камакка алынды. Аскерий төңкөрүшкө АКШ кескин позициясын билдирди жана бийликтин тезинен кайра тикеленишин талап кылды. Ушул төңкөрүштүн артында эмне турат? Эмнеге АКШ мынчалык ачууланды? Төңкөрүш Мьянмадагы мазлум мусулмандарга кандай таасир кылат?*

**Жооп:** жооп ачык-айкын болушу үчүн ушуларды айтып өтөбүз:

1 – Шайлоого бир апта калганда армия менен өкмөттүн ортосунда кайым айтышуу башталган. Армия башкы командачысы генерал Мин Аун Хлайн жеке маалымат каражаттарынын бирине берген интервьюсунда шайлоо комиссиясынын (UEC) ишенимдүүлүгү жана калыстыгы шектүү

экенин баса белгилеген. Ал шайлоо комиссиясын добуш берүүдөн мурунку тартип-эрежелерди жана мыйзамдарды үлкөн масштабда бузду деп айыптады. Буга жооп иретинде өкмөттүн пресс катчысы армия командачысынын билдирүүлөрүн сындап, аларды негизсиз айыптоолор деди жана бул билдирүүлөр конституциядагы «Мамлекет кызматчылары, аскерийлер жана полиция кызматкерлери партиялык саясаттан сыртта болушу керек» деген көрсөтмөгө карама-каршы келип жатканын эскертти. О.э. армиянын «Эгер, Демократия үчүн Улуттук Лига бул жолку шайлоолордо дагы жеңип чыкса, армия кол куушуруп отурбайт...» деп ачык айтылган сөздөрү да сынга алынды. (Хадаф маалымат агенттиги, 2021-жыл, 11-январ). Бул нерселерден армия, эгер Улуттук Лига шайлоолордо утуп чыкса, алдын ала төңкөрүшкө даярдык көргөндүгү айкын болууда.

2 – Аун Сан Су Чжинин «Демократия үчүн Улуттук Лига» партиясы 2020-жылдын ноябрындагы шайлоолордо 83% добуш менен экинчи жолу жеңип чыкты. Бул жыйынтык 2015-жылдагы шайлоолордон кыйла көп, ал шайлоолордо 75% добуш менен жеңген эле. Ошондо армия түзгөн «Биримдик партиясы» парламенттеги жалпы 476 орундун болгону 33 орунун гана ээлеген. Ошондуктан, армия бул жолу кол куушуруп отурбайбыз деп опузалап, 2008-жылы конституцияга киргизилген, Су Чжи жана анын мурунку өкмөтү тарабынан кабыл алынган беренеден пайдаланды. Белгилүү болгондой, бул берене парламенттеги орундардын 25%ын армия ээлеши жана коргоо, ички иштер, чегара кошуундары министрликтери түздөн-түз армияга моюн сунары айтылган. О.э. армия аралашууну зарыл деп билген учурда аралашуу укугуна ээ экени да белгиленген. Кече армия жаңы парламенттин жыйынына бир нече саат калганда конституциядагы ушул беренеден пайдаланды. Т.а. армия парламент жыйынынан жана шайлоо натыйжалары конституциялык тастыктан өтүшүнөн мурун аскерий төңкөрүш жасады. Андан кийин аскерий төңкөрүшкө каршы массалык нааразылыктар башталып, 2021-жылы 3-март шаршемби күнкү демонстрация

демонстрациялардын эң айыгышканы болду: «БУУнун Мьянмадагы атайын өкүлү Кристин Шранер Бургенер видеоконференцияда билдиришинче, мамлекетте 1-февралда жүз берген аскерий төңкөрүштөн бери аптанын ушул шаршембиси «эң кандуу күн» болду жана «28 демонстрант өлтүрүлдү», Мьянма коопсуздук күчтөрү аскерий бийликке наразылык билдирип чыккан демонстранттарга карата ок атты...». (Ал-Жазира нет, 2021-жыл, 3-март). Ага карабастан, наразылык демонстрациялар бир аз басаңдаган болсо да, бирок токтободу.

3 – Армия башкы командачысы генерал Мин Аун Хлайн, Мьянма армиясынын дагы үч командачысы менен бирге 2019-жылдын декабрынан тарта АКШнын санкцияларынын тизмесине киргизилген. Аларга «адам укуктарын олуттуу түрдө бузуу» айыптоосу коюлган. Бул болсо, генерал өзүнүн келечеги жана тагдыры үчүн кабатырлануусуна себеп болду. Анткени, эгер ал пенсияга чыга турган болсо, өзүн коргой албай калат. Ал 2016-жылы армия башкы командачысы кызматынан бошотулушу керек эле. Бирок, ал өзүнүн жаңы мөөнөтүн узартууга жетишип, 2021-жылдын жайында пенсияга чыгууга убада берди. Ал пенсияга чыккандан кийин да англистердин малайы катары саясий роль ойноону каалап жатканы көрүнүп турат. Аны президенттикке талапкер кылып көрсөткөндөр да чыкты. Өкүмдар аскерий кеңештин жыйынынан соң, 2021-жылы 1-февралда армиянын расмий веб-сайтында жарыяланган төмөнкү сөздөр ушуга ишара кылынган: «Армия командачысы генерал Мин Аун Хлайн чыныгы плюралисттик демократиялык системаны ишке ашыруу менен шугулданууга убада берди». Бул болсо, анын президенттикке шилтеген кадамы болуп эсептелет.

4 – Ошентип, армия шайлоонун натыйжаларын моюнга албады. Анткени, шайлоонун натыйжалары армиянын 1962-жылдан бери келе жаткан бийликтеги өкүмдарлыгына коркунуч туудурат. Ошондуктан, армия шайлоодо он миллион бурмалоо болгондугун баса белгилеп, Сан Су Чжи

дайындаган шайлоо комиссиясын тил бириктирүүдө айыптады. Бирок, Сан Су Чжи бул айыптоолорго маани бербестен, жаңы парламенттин биринчи жыйынын өткөрүүгө аракет кылды. Натыйжада, армия командачысы өзгөчө кырдаал жарыя кылууга жана бийликти ээлөөгө уруксат берген конституциядагы беренени аткаруу менен коркутту. Жаңы парламенттин биринчи жыйынына бир нече саат калганда армия командачысы жыйынды кечиктирүүнү талап кылды. Бирок, ноябрда болуп өткөн, Сан Су Чжи партиясы жеңип чыккан шайлоолордон соң Сан Су Чжи жана анын партиясынын жетекчилери армиянын талабын аткаруудан баш тартышты. Ошондо армия алардын баш тартуусунан пайдаланып, бийликти ээлеп алды, кийин өзгөчө кырдаал жарыялады. Армия өкмөт кеңешчиси Аун Сан Су Чжи менен президент Вин Мьиндерди камакка алды. Аларды үй камагына алып, аларга кылмыш ишин козгоду.

5 – Маселе, түпкүлүгүндө шайлоолорду бурмалоо да, алардын ачык-айкын эместиги да эмес. Анткени, эки тарап тең өз партияларынын пайдасына шайлоо оюндарына баруудан кайра тартышпайт. Маселе саясий күрөштө. Бул күрөштү бир тарапта АКШ жана анын малайы Сан Су Чжи, экинчи тарапта Британия жана анын малайы болгон армия командачысы алып барууда. Америка Сан Су Чжини колдоп-кубаттап, бул аркылуу Мьянманы Кытайды басаңдатуу чекитине айлантууну көздөп жатат. Британияга келсек, ал Индия жарым аралын өзүнүн таасирине алып, Мьянма армиясын түзгөндөн бери Мьянманы өз колунда кармап келген. Ошондон бери Мьянмада армия түздөн-түз же кыйыр түрдө өкүмдарлык кылып келет. Бул абал Америка Су Чжи партиясын колдоп-кубаттап, анын партиясы 2015-жылы шайлоолордо чоң жеңишке жетишип, бийликти колго алганга чейин уланды. Бирок, армиянын 2008-жылдагы конституцияда көрсөтүлгөн укутары себептүү Су Чжи партиясынын бардык иш-аракеттери дээрлик армиянын көзөмөлүндө калды. 2020-жылдагы шайлоолордо бул партия 83% добуш менен жеңген, Британия мамлекетте Американын таасири орношуп

калышынан кабатырланып, армияны төңкөрүш жасоого аракеттендирди жана ошондой да болду. Бул нерсе ушуну түшүндүрөт: Мьянмадагы окуялар АКШ-Британия ортосундагы саясий күрөштүн натыйжасында келип чыкты. Ал эми, шайлоолор үстүртөн көрүнгөн көрүнүштөн башка нерсе эмес. Түпкүлүгүндө, бул жерде күрөш болуп жатканы ар кандай акыл калчаган киши үчүн мурунтадан белгилүү эле. 2012-жылы 26-июнда жарыяланган суроо-жоопто мындай дегенбиз: «Мьянмадагы режим аскерий формадагы генералдар тарабынан түздөн-түз көзөмөл кылынат. Учурда аны жарандык кийимдеги отставкага чыккан генералдар башкарышууда. Режим болсо дагы эле англистерге берилген бойдон калууда. Англистер бул режимди жашыруун жана ашкере, түздөн-түз жана кыйыр түрдө малайлары аркылуу колдоп-кубаттап келишти. Мусулмандарды кыргын кылуу, кыйноого салып өч алууда бутпарастарды колдоп-кубаттаган да ушул Англия болот. Бул кылмыштар бүгүн эле эмес, бул өлкөдө Ислам башкаруусу бүткөн күндөн бери уланып келүүдө. Америкага келсек, ал Аун Сан Су Чжи жетектеген «Демократия үчүн Улуттук Лига» партиясын колдоп-кубаттайт. Американын көмөгү менен 1991-жылы Тынчтык үчүн Нобель сыйлыгын алган бул аял Аун Сандын кызы болот. Ал эми, Аун Сан англистерге каршы болчу жана ал 1947-жылы өлтүрүлгөн. Ошентип, Америка Мьянмадагы кырдаалга ыраазы эмес...». (цитата бүттү).

6 – Ушундай таризде Американын реакциясы күчтүү болду. Ак үйдүн пресс катчысы Жен Псаки бул тууралуу мындай билдирүү берди: «Кошмо Штаттар Мьянмадагы акыркы шайлоолордун натыйжаларын өзгөртүүгө да, демократиялык өзгөрүүлөргө тоскоолдук кылган ар кандай аракеттерге да каршы. Эгер, ушул кадамдар бекер кылынбаса, АКШ жоопту тараптарга чара көрөт». (Би-Би-Си жана Франс-Пресс, 2021-жыл, 1-январь). АКШ Мамлекет катчысы Энтони Блинкен «Мьянмадагы бардык мамлекеттик расмийлерди жана жарандык коомдун лидерлерин азат кылууга чакырып, аскерийлер мындай чараларды тезинен токтотушу керек деп баса белгиледи».

(Би-Би-Си, 2021-жыл, 1-январ). Обама доорунда Чыгыш Азия маселелери боюнча мамлекеттик катчынын жардамчысы болгон жана Аун Сан Су Чжи менен жакшы мамилеге ээ Дэниел Рассел кезектеги бийликти басып алуу аракетин «региондогу демократияга каршы сокку» деп атады. (Франс-Пресс, 2021-жыл, 1-январь). Рейтер маалымат агенттиги 2021-жылы 2-февралда америкалык бир расмийдин сөздөрүн жарыялады. Ага ылайык, АКШнын Бириккен Аскерий штабыдын башчыларынын жетекчиси генерал Марк Милли Ак үйдүн талабы негизинде Мьянма армиясы менен алака орнотууга урунган, бирок, оңунан чыкпаган. Рейтер маалымат агенттигинин кабарында «Мьянма аскерий күчтөрү Кытай менен бекем алакага ээ. Бирок, АКШ аскерийлери менен болсо, анчалык алакага ээ эмес» делет. Мындан ачык-айкын маалым болгондой, Аун Сан Су Чжинин артында Америка турат. Американын Мьянмага мынчалык маани берип жатканынын себеби бул мамлекет Кытай менен чектешкендигинде. Ушул шарттардан улам, Америка Кытайды ар тараптуу курчап алмакчы. Ал Кытайдын жада калса регионго кеңейишин алдын алып, өз жеринде камалып калышын көздөөдө. Ал эми, Америка Мьянмада Британия таасирине чекит коюуга, аны бардык региондордон, өзгөчө, Индия жарым аралынан жоготууга аракет кылууда.

7 – Ага карабастан, Британия өзүнүн саясий айла-амалдуулугун ишке салып, 1962-жылдагы биринчи аскерий төңкөрүштөн бери Мьянма армиясындагы малайларынын чыныгы жүзүн т.а. алар британиячыл экенин пардалоо үчүн аларга Кытайга достук билдирүүнү, ал жердеги коммунисттер жана Россия менен жакындашууну буйруду. Андан кийин Россия менен Кытай Мьянма режимин АКШга каршы колдоп-кубаттоого киришишти. Ошондуктан, жакында Су Чжи өкмөтүнө каршы аскерий төңкөрүш жасалганда Британия каршы реакцияларды азайтуу үчүн Коопсуздук Кеңешине аскерий төңкөрүштү каралоо жана бийликти кайра тикелөө жөнүндө резолюция долбоорун сунуштады. Британия армия жетектеген режимди ачык-айкын колдоп-кубаттап жаткан Кытайдын бул резолюцияга

каршы чыгышын билген. Бул жөнүндө Британиянын Коопсуздук Кеңешиндеги туруктуу өкүлү Барбара Вудвород Кеңешке Британиянын резолюция долбоорун сунуштап, дипломатиялык жумшактык менен мындай деди: «Биз мүмкүн болушунча конструктивдүү талкуу алып баруунун жана бир катар иш-аракеттерди карап чыгуунун тарапкерибиз... О.э. элдин демократиялык умтулууларын урматтоого кайтууну каалайбыз...». (Арабий 21, 2021-жыл, 2-февраль). Чынында эле Британия 2021-жылы 2-февралда Коопсуздук Кеңешине резолюция долбоорун сунуштаганда Кытай каршылык кылды. Төңкөрүшчүлөрдү колдоп-кубаттаган позицияда турганын башынан эле ачык билдирип келе жаткан Кытай тышкы иштер министрлигинин пресс катчысы Ван Вэньбин аркылуу мындай деди: «Кытай – Мьянманын дос кошунасы. Биз Мьянмадагы бардык тараптар өз ара келишпестиктерин конституциялык жана мыйзамдуу негизде чечип алышат жана социалдык туруктуулукту сактап калышат деген үмүттөбүз. О.э. Мьянмада эмнелер болуп жатканын күзөтүп, кырдаалды дагы да терең түшүнүүгө аракет кылып жатабыз...». (Синьхуа маалымат агенттиги, 2021-жыл, 1-февраль). Россия аскерий төңкөрүштү каралабады. Россия тышкы иштер министрлиги мындай билдирүү берди: «Биз саясий сүйлөшүү кайра жолго коюлушу жана өлкөнүн туруктуу социалдык жана экономикалык өнүгүүсүн камсыздоо аркылуу кырдаалды учурдагы мыйзамга ылайык тынч жол менен чечүүнүн тарапкерибиз». (Новости, 2021-жыл, 1-февраль). Демек, Россия менен Кытай Мьянма армиясынын тарабында турушат. Британия өзүнүн айла-амалдуу оюнун ийгиликтүү ишке ашырды!

8 – Эми, Мьянмадагы мусулмандарга келсек, бүгүнкү аскерий төңкөрүштүн жетекчиси 2017-жылы мусулмандардын кыргын болушуна жана өлкөдөн көчүрүлүшүнө биринчи кезекте жоопкер кимсе, буга шек-күмөн жок. БУУ пресс катчысы Стефан Дюжаррик 2021-жылы 1-февралда мындай билдирүү берди: «Учурда Рахин (Аракан) вилаятында 600 миң тегерегинде рохинжа бар. Алардын 120 миңи лагерлерде «камакта»

кармалгандай абалда калып, эркин аракеттене алышпайт. Саламаттыкты сактоо, таалим сыяктуу негизги кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү абдан чектелген. Ошондуктан бул кырдаалдагы окуялар аларга абдан жаман таасир кылышынан кабатырланып жатабыз». (Рейтер, 2021-жыл, 1-февраль). Ушуну баса белгилөө зарыл, мусулмандардын репрессия кылынышына бул эки мамлекет (АКШ, Британия) тең шерик, болгону услубдарында айырма бар. Биз 2012-жылы 26-июнда жарыялаган суроо-жоопто мындай дегенбиз: «Мьянмадагы Британия менен АКШнын ортосундагы күрөш саясий болсо да, бирок мусулмандарды репрессия кылууда бутпарастарды колдоп-кубаттоого эки тарап терең ыраазы. Буга карата Батыштын айткан инсанийлик туйгусу да козголбой жатат, жалаң гана курулай сөздөргө чектелүүдө». (цитата бүттү). Реалдуулукта да дал ушундай болду... Мьянма армиясы жана мусулмандарды жек көргөн бутпарастар 2017-жылы мусулмандарды жапырт репрессия кылып жатканда буга каршы АКШ айтарлык эч нерсе кылбады! Анын малайы Тынчтык үчүн Нобель сыйлыгынын ээси Су Чжи болсо, армиянын жүз миңдеген мусулманды бастырып, өлкөдөн кууп чыгуусун колдоп-кубаттады! Аракан вилаятынан көчүрүлгөн рохинжа мусулмандарынын саны 700 миңден ашты. Алардын жерлери жана мүлктөрү ээлеп алынды. Армия башкы командачысы генерал Мин Аун Хлайн Фейсбуктагы баракчасында 2017-жылы 19-сентябрда мусулмандарга карата өтө кыжырдантчу сөздөрдү жазып, алардын бул өлкөдө болушун жана акы-укуктарын бүтүндөй четке какты. Ал Британия менен Европанын колдоп-кубаттоосуна ишенгени үчүн, эл аралык реакциядан коркпогону үчүн ушундай сөздөрдү айтты. Ал өз баракчасында мындай деген: «Алар бизден аларды рохинжалар катары моюнга алуубузду талап кылышууда. Негизи, алар Мьянмада бир жамаат гана, бир күн да этникалык топ болушкан эмес». Ал рохинжаларды бенгалдар деп эсептеп, «Бенгалдар маселеси – өздөрүнүн улуттук маселеси. Бизге бул жаатта чындыкты ачып берүү үчүн биримдик керек», - деди. Армия баса

белгилешинче, «Рахиндин түндүгүндө алып барылган амалияттар 25-августта полиция борборлоруна чабуул кылышкан рохинжа козголоңчуларын жок кылууга багытталган». (Би-Би-Си радиосу, 2017-жыл, 17-сентябрь). Би-Би-Си кошумчалашынча, «Армия башкы командачысы Хлайн өткөн жылы, 2016-жылы ноябрда Европага сапар кылган. Европа армиясынын командачылыгы Хлайнды конференцияга чакырып, аны алкыштоо менен күтүп алган. Италияда да, Белгияда да анын келишине каршы эч бир наразылык демонстрация болбогон». Батыш жана анын Мьянмада күрөшүп жаткан эки мамлекети тең мусулмандарга каршы иш-аракеттерге таптакыр кабатырланбайт. Өзүнүн колониялык доорунда башка региондордо мусулмандарды кыргын кылган да, Босня сыяктуу мамлекеттерде геноцид кылынышына көз жумуп турган да Батыш болот. О.э. Фалестинди басып алып, ал жерде абдан көп мусулмандарды өлтүрүп жаткан жана кууп чыгарып жаткан яхудий вужудун колдоп-кубаттоочу да Батыш болот. Яхудийлердин бул кылмыштары Батыштын көз жана кулактары алдында жасалууда. Бирок, Британия жана Америка, экөөсү тең Мьянмадагы мусулмандардын азап-кыйынчылыктарынан керек болгон учурда саясий максаттар үчүн пайдаланышат.

Эми, Американын айрым мьянмалык аскерийлерге, аскерий төңкөрүштүн жетекчилерине санкцияларды колдонуусуна келсек, алар англистерге малай болгону үчүн гана санкцияларды колдонууда, мусулмандарды репрессия кылышканы жана өлкөдөн кууп чыгышканы үчүн эмес. Андай болбосо, анда Америка санкцияларды Мьянма премьер-министри Аун Сан Су Чжиге да колдонушу керек эле. Анткени, бул аял ушул репрессияны колдоп-кубаттап, аны каралоодон же армияны жана бутпарастарды айыптоодон баш тартты. Ошондой болсо да, ал санкциялар тизмесине киргизилген жок.

9 – Ислам дүйнөсүндөгү режимдерге келсек, аларды мусулмандардын маселеси кабатырлантпайт. Ошондуктан, алар Мьянмадагы режимге эч

кандай басым кылышпады. Азыр да бул режимдердин ал жердеги мусулмандарга жардам беришине үмүт жок. Алардын баары демократияга каршы болгон төңкөрүштү каралоо менен АКШ жана Батыштын саясатына ойноп беришүүдө, мусулмандардын маселеси алардын оюна да келген жок. Себеби, мусулмандардын калканы – халифа тикеленген жок! Расулуллах ﷺ мындай деген:

«الْإِمَامُ جُنَّةٌ يُقَاتَلُ مِنْ وَرَائِهِ وَيُتَّقَى بِهِ»

«Имам – калкан, анын артында туруп согуш кылынат, аны менен корголот». Эгер, мусулмандардын халифасы болгондо, ал «Оо Муътасим» деп жардамга чакырган бир рохинжа муслимасына да сүкүт кылбайт эле!

Бирок, бир аял эмес, дүйнөдө миңдеген мусулмандар өлтүрүлүүдө, журттарынан кууп чыгарылууда. Ушул себептен улам, Халифалык түзүмүн тикелөөгө олуттуу аракет кылуу фарздардын фарзына айланды. Аллахтын уруксаты менен, Халифалык тикеленген күндө жер планетасынын чар тарабындагы Умматты жардамсыз калтырбайт. Ал – Расулуллах ﷺ: «Кийин Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот», деп башарат кылган Пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалык.

«Алар: «Ал качан болот?» деп сурашат. Айткын: «Балким жакында болоор!» [17:51]

**6-март, 2021-м.**

## НАТО боюнча берилген суроолорго жооптор

***Жигиттер үчүн маалымат***

### Түндүк Атлантикалык альянс (НАТО) качанга чейин турат?

Коопсуздук саясаты боюнча Мюнхен жылдык конференциясы ушул жылы февраль айынын алгачкы күндөрү өткөрүлдү. Анда министрлер, парламент мүчөлөрү, аскерийлер, аалымдар жана коомдук ишмерлер катышты.

Конференциядагы негизги маселе Түндүк Атлантика союзу (НАТО) Афганистанда учурап жаткан кыйынчылыктар, көптөгөн Европа

мамлекеттери, айрыкча, Германия, Франция жана Италия Афганистан түштүгүндө өз күчтөрүн күчөтүүдөн баш тартышы маселеси болду. Бул болсо, Америка коргоо министри Роберт Гейтсти «Мен НАТОнун эки канатка: бири элдин коопсуздугун коргоо үчүн согушуу жана өлүмгө даяр турган канат; дагы бири болсо, согушуу жана өлүмгө даяр болбогон канаттан куралган союзга айлангандыгына катуу өкүнүчтөмүн. Мындай абал – эгер ушундай бөлүнүү токтобосо – союздун келечегине кандайдыр бир көлөкө түшүрөт» деп билдирүү берүүгө мажбур кылды. О.э. Россиянын чыгыш Европада ракетага каршы коргонуу тармагын жайылтуу боюнча терс мамилеси болду.

Ко-ош, Афганистандагы ийгиликсиздик – Гейтс эскерткендей – НАТОнун талкаланышына алып келиши мүмкүнбү?

Бул билдирүүлөргө карабастан, Атлантика союзуна европалыктардан көрө көбүрөөк Американын өзү жабышып алган. Себеби, бул союздун сакталып турушу дүйнөдө Америка стратегиясына кызмат кылып жатат. Европаны го коё туруңуз. Себеби, бул союз Америкага Европа үстүнөн көзөмөл орнотуу жана өзүнүн сыйыртмагынан чыгып, көз карандысыз болмокчу болгон ар кандай аракетти бууп таштоо мүмкүнчүлүгүн берет. Демек НАТОнун жакын келечекте талкаланып кетиши ыктымалдан алыс. Биринчиден, ал Америка стратегиясы үчүн абдан керек. Экинчиден, бул союздан кутулуу каалоосу болгон Европа мамлекеттеринде саясий жетекчиликтин күчсүздүгү жана саясий эрктин жетишпестиги.

Талибан кыймылынын Афган өкмөтү менен олуттуу сүйлөшүүлөргө кирүү боюнча Хамид Карзай кайра-кайра чакырып жатканынан Европа күмөнгө түшүүдө. Европа өкмөттөрүнүн «террористтер менен сүйлөшүү алып барбайбыз» деп катуу турушуна карабастан, ал Американын ыраазылыгына жетишпегенде, мындай кылбайт эле.

Тең укукка ээ болбогон коалицияда европалыктардын Кошмо Штаттар менен бирге кете берүүнү каалабашы себептүү НАТОнун ичинде Европа көз

карандысыздыгы каалоосунун о.э. Европа куралдуу күчтөрүнө таянуу ыктоосунун ашып бара жатканынан Америкада коркуу бар. О.э. 2003-жылы Европа куралдуу күчтөрүн түзүү абалы жүз берген. Бирок, Америкадан көз карандысыз болууга умтулуучу Европа жетекчилеринин кетиши менен анын үнү өчүп калып, бирок, ал бекер кылынбаган эле. Айрым күзөтүүчүлөр муну «Европа өз куралдуу күчтөрүн кийинчерээк чындыкка айландыруу боюнча аста-секин иш алып барууда» деп баалашууда. Мындай тартышуу абалдары о.э. Европа тынчтык орнотуучу күчтөрүнүн астыңкы бөлүктөрүнүн чыгыш Чадга жиберилиши бул багытты тездетип жибериши да мүмкүн.

НАТО түпкүлүгүндө куралдуу аскерий күч болуп, максаты, Европаны Советтер союзунун кеңейишинен коргоо болгон. Советтер союзу кулагандан кийин НАТОнун бар болуп турушун актоочу негиз жок болду. Бирок, Американын катуу туруп алышы аны сактап калды. 11-сентябрь окуялары жүз бериши менен анын вазыйпаларына терроризмге каршы күрөш кошуп коюлду жана Афганистанга аралашты. Ошондо, Кошмо Штаттар НАТОнун терроризмге каршы согушуудагы жаңы вазыйпаларына түздөн-түз киришиши үчүн НАТОго мүчө мамлекеттерди эле эмес, балким, бүткүл дүйнөнү өз артынан жүргүзө алды.

Атлантика союзу Балканда жетишкен жеңиш анын аскерий жана саясий жактан тыгыздашуусуна алып келди. Өзүнө болгон мына ушул ишенимден келип чыгып, бул союз Афганистан согушуна кирди. Бирок, жүз берген аскерий ийгиликсиздиктер – азыр көрүнүп тургандай – саясий майданга тескери таасир кылды.

НАТО мындай термелүүгө биринчи жолу учурап жаткан болбосо да – мисалы, 1966-жылы бул союздун аскерий жетекчилигинен Франция чыгып кеткен, 1974-жылы Кипр проблемасынан кийин Греция чыгып кетти – бул жолкусу союз үчүн коркунучтуураак болду. Бул сапар анын мурункудай талкаланышы күтүлбөй жаткан болсо да, бирок, ал союздагы көз

карандысыздык каалоосунун күчөшүнө барышы мүмкүн жана бул иш Германия менен Францияга эле чектелип калбайт.

Бирок, Европаны коргоо максатында 1949-жылы түзүлгөн НАТО 1991-жылы Советтер союзунун кулашы менен аягына чыгышы мүмкүн эле. Бирок, ал уланды, кеңейди, жада калса өзүнө 15 мамлекеттин ордуна 26 мамлекетти кошуп алды. Ошого карабастан, Европада салмакка ээ жетекчилердин пайда болушу бул союздун өлүмүн тездетүүдө… Себеби, НАТО ичиндеги оору дененин назик жерлерине жетейин деп калды. Американын ага өзүнүн тагдырий маселеси катары карашы болбогондо, ал ушул бүгүнгө чейин сакталып турмак эмес.

**17-сафар, 1429-х.**

**23-февраль, 2008-м.**

## НАТО жана Лиссабон саммити тууралуу

**Суроо:**

*2010-жылы 20-21-ноябрь күндөрү Португалия борбору Лиссабондо чоң мамлекеттер жана НАТОго мүчө мамлекеттердин катышуусундагы саммит болуп өттү. Баса белгиленишинче, саммитте бул мамлекеттер НАТОнун жаңы стратегиясына байланыштуу келишимге кол коюшкан. Ушул стратегия бир канча маанилүү маселелерди өз ичине камтыйт: Афганистан маселеси, ракеталарга каршы калкан маселеси, Россия менен болгон алакалар маселеси о.э. НАТОнун дүйнөдөгү өзү үчүн коркунуч туудуруучу деп эсептеген ар кандай регионго чейин кеңейишин макулдоо үчүн укуктарын көбөйтүү маселеси сыяктуу. Ошондой болгон соң, Американын Афганистандан чыгып кетүү токтому олуттуубу? Ал ракеталарга каршы калкан маселесинен кандай максатты көздөөдө? НАТО укуктарын көбөйтүүдө эмнени каалап жатат? Булардын баарына карата Россиянын позициясы кандай? Америка бул*

*мамлекеттерди өз колуна ала алдыбы? Америка өзүнүн эл аралык позициясын бекемдей алдыбы?*

**Жооп:**

1 – Саммиттин акыркы билдирүүсүндө да, НАТОнун Афганистандагы стратегиясы жөнүндөгү билдирүүдө да Американын ал жерде туруктуу калышы айтылууда о.э. Афганистан НАТОнун өмүр жана өлүм маселеси деп бааланууда. Бул жөнүндө НАТОнун башкы катчысы Расмуссен мындай деди: «Биз Хамид Карзай менен аскерий миссиябыз аяктаганга чейин улана турган узак мөөнөттөгү кызматташтыкка келишим түздүк». Дагы мындай деди: «Ушуну айтып өтөлү, эгер Талибан же башкасы биздин кетишибизди үмүт кылып жаткан болсо, муну эсинен чыгарсын. Биз бул ишти аяктаганга чейин, канча зарыл болсо, ошого чейин калабыз» («BBC», 2010-жыл 20-ноябрь). Саммиттин соңку билдирүүсүндө «Афганистандагы вазыйпа НАТО үчүн биринчи даражалуу маселе экенин баса белгилөө зарыл» деген сөз айтылды. Обама болсо, Лиссабондо чогулган НАТОго мүчө мамлекеттердин жетекчилеринен «өздөрүнүн Афганистандагы вазыйпаларын кайра баса белгилеп алууларын» талап кылды (Испаниянын «El Pais» гезити, 2010-жыл 19-ноябрь). Германия маалымат агенттигинин 2010-жылы 20-ноябрдагы кабарына ылайык, «иштер көзөмөлү Кошмо Штаттардын колунан афган тарабына өтүшү күтүлүүдө о.э. келерки жылдан 2014-жылга чейин НАТОго караштуу күчтөр Афганистандын эң коопту региондорунда коопсуздукту көзөмөлдөп турат, ошону менен бирге, ушул мөөнөттөн кийин колдоо көрсөтүү ролун аткарат». Бул кабарлар Америка 2011-жылы июлда кошуундарды алып чыгып кетүүгө Обама атынан берген убадасын кудум аткара тургандай кылып көрсөтүү максатында тынч региондордон, т.а. мужахиддердин катуу каршылыгы жок региондордон чыгып кетмекчи болуп жатканына далалат кылат.

Ошондо, Америка калкына да, коомчулукка да кудум Америка өз убадасына турган, өз вазыйпасын аткарган жана толук чыгып кетүү алдында турат го, бирок, 2014-жылга чейин эң кооптуу региондордо калышына туура келип жаткандай болуп көрүнөт. Бул болсо, Афганистанда баскынчылык жогорудагы белгиленген күнгө чейин, андан кийин да калышын жана ал жерден чыгып кетүү токтомун бекитүүнү түшүндүрөт. Себеби, Америка коопсуздук, стратегиялык, кызматташтык сыяктуу бир катар келишимдер чүмбөтү астында өзүнүн туруктуу турушун камсыздоо аркылуу Афганистанда да кудум Иракта иштеткен саясатын колдонууга аракет кылып жатат. Чындыгында, Афганистанда Европа тарабынан Америкага көрсөтүлүп жаткан жардам токтобошу үчүн Америка саммиттте Европага басым өткөрдү. Себеби, европалыктардын көпчүлүгү афган согушу аларга пайда келтирбей жаткандыктан, бардык пайда Америка үчүн болуп жаткандыктан бул согушта Америка тарабында турууну жактырышпайт. Европа учурда финансылык кризистен кыйналып жатканы үчүн да анын калкы бул согушту улантуудан пайда жок деп билет.

2 – НАТОнун Россия менен болгон алакасына келсек, саммитте НАТОго мүчө мамлкеттер менен Россия ортосунда «Россия-НАТО кеңеши» наамы астында сеанс өткөрүлдү. Анда эки тарап ортосундагы катнаш каралды. Башта бул алака 2008-жыл августтагы Грузия бороонунун натыйжасында солгундап калган эле. Саммитте НАТО мамлекеттери эми Россияны НАТОго коркунуч туудуруучу душман мамлекет деп кароону токтотушканы жөнүндөгү сөздөр айтылды. Мындай жагдай биринчи жолу болуп жатат. Россия да «Россия НАТОнун стратегиялык шериктешти» деп жарыя кылып жиберишине аз калды. Мисал үчүн, Россия президенти Медведев мындай билдирүү берди: «Россия менен НАТО ортосундагы алакалардагы өз ара солгундук жана өз ара кайым айтышуулар токтоду». Дагы мындай деди:

«Биз келечекке жакшы ниет менен карап жатабыз жана Россия менен НАТО ортосундагы алакаларды бардык тармактарда өнүктүрүүгө аракет кылабыз» («Россия Сегодня», 2010-жыл 20-ноябрь). Бирок, Медведев Грузия маселеси сыяктуу айрым келишпестиктер дагы деле бар экенине шилтеме кылып «Бул маселе тоскоолдук болбошу керек» деп түшүндүрмө берди. Башка келишпестиктерди да «алакалардын үзүлүшүнө себеп болбошу керектиги» менен түшүндүрдү, бирок, бул келишпестиктерди айтпады (жогорудагы булак). Медведев дагы «Россия жана НАТОго мүчө мамлекеттер Европага байланыштуу ракеталарга каршы калкан маселесин үйрөнүүнү улантышат» деди. Кийин мындай деп кошумчалады: «НАТО мындай калкандан келип чыгышы мүмкүн болгон натыйжаларды элестете албай жатат… Ошондой болсо да, бул натыйжалар кең көлөмдүү болушу, бир гана мамлекетке же бир мамлекет калып, башка мамлекеттерге кызмат кылбашы тийиш». Дагы мындай кошумча кылды: «Ракеталарга каршы калкан системасы ядролук күчтөрдүн тең салмактуулугун изинен чыгарышы мүмкүн. Мындан этият болуу зарыл. Себеби, ушул тең салмактуулукту өзгөртүү акыры барып куралдануу жарышына алып келет» (жогорудагы булак). Дагы бул булак Медведевдин Москва ракеталарга каршы калкан маселесинде «тармактуу» система деп аталган нерсени түзүүнү сунуш кылып жатканы жөнүндөгү сөздөрдү келтирди, бирок, булакта бул сунуштун деталдары айтылбаган.

Россия президентинин билдирүүлөрү Россия менен НАТО ортосунда ракеталарга каршы калкан о.э. өз ара кызматташтык маселелеринде дагы эле жыйынтыктоочу келишим түзүлбөгөнүн түшүндүрүп турат. Россия болсо, мындан тынчсызданууда. Себеби, Медведев ракеталарга каршы калкан орнотуунун кандай акыбеттерге алып келишин НАТОнун өзү да элестете албай жатканын айтты. Чамасы, Медведев мунун акыбеттерин түшүнбөгөн Европа

мамлекеттери бүткүл Америка үстөмдүгү астына түшүп калышына, бул болсо глобалдуу кескиндикти жаратышына о.э. бардык коопсуздук түйшүктөрү Европага өтүшүнө ишарат кылып жаткан көрүнөт. Медведев куралдануу жарышына шилтеме кылып жатат. Т.а. башка мамлекеттер Россия жетекчилигинде Америка жүзөгө келтирген жаңы абалга каршы туруу үчүн, башкача айтканда, өзүн коргоп, Америкага каршы күрөшүү үчүн өз куралдарын өнүктүрүп алууга аракет кылышына ишарат кылып жатат. Себеби, бул калкан Америка үчүн коргонуучу каражат болот. Мындан улам, Америка башка мамлекеттерге үстөмдүк кылышы о.э. өзүнүн саясатына моюн сундуруу үчүн башка тараптарга катуу коркунуч туудурушу мүмкүн.

Обама да Россия менен ушул маселеде жыйынтыктоочу келишимге келбегенин моюнга алып, мындай деди: «Биз Кошмо Штаттар менен Россия ортосундагы алакаларды кайра тартиптештирип алууга көп күч жумшадык жана бул нерсе эки тарапка тең белгилүү бир натыйжаларды алып келчү аракет. Азыр биз НАТО менен Россия алакаларын кайра тартиптештирип жатабыз». Ал дагы минтип кошумчалады: «Биз Россияны өзүбүздүн атаандашыбыз эмес, шериктешибиз деп билебиз. Аны менен бир канча тармактарда, эң маанилүүсү, ракеталарга каршы коргонуу тармагында кызматташтыкты бекемдөөгө келишип алдык» («Россия Сегодня», 2010-жыл 20-ноябрь). Россия умтулган максатына жетише албады. Ушул себептен улам, ракеталарга каршы калкан жана өз ара кызматташтык жаатында Россия менен НАТО ортосунда корутунду келишим кол коюлган жок. Ал кандайдыр бир нерсеге ээ болмоюн сүйлөшүүлөрдү токтотпоону каалап жатат. Ошондуктан, ушул келишим ал үчүн абдан маанилүү, андыктан, аны бүтүндөй четке какпайт. Россия эң маанилүү нерсени кудум Советтер Союзу доорундагыдай дүйнө иштерин Америка менен биргеликте башкарып, башкалардын улуу мамлекет деп карашын көздөп жатат. Россия

Америкага моюн сунууну каалабайт, бул көз карандылык НАТОго кошулуу менен болобу же көз карандылыктын башка көрүнүштөрү менен болобу, айырмасы жок. Россия көз карандысыз эл аралык саясат жүргүзгөн чоң мамлекет катары бөлүнүп турууну каалайт. Ошондуктан, Медведев мындай билдирүү берди: «Же толук кызматташтык кылып, өз ара маалымат менен алмашып, ар кандай маселелердин чечимине сунуш билдиребиз, же таптакыр кызматташтык кылбайбыз. Себеби, Россия НАТОго байланып калган жөнөкөй бир мамлекет болууга ыраазы болбойт. Эгер, таптакыр кызматташтык кылбай турган болсок, анда, белгилүү себептерге ылайык өзүбүздү коргоого мажбур болобуз» («Франс Пресс», 2010-жыл 21-ноябрь). Чындыгында, Медведев Россиянын НАТОго кошулушу мүмкүн эмес деп эсептешин, бирок, НАТО өзгөрүп, алардын ортосунда зор шайкештик жүзөгө келигидей болсо, эки тарап ортосунда бекем жакындашуу мүмкүндүгүн билдирди. Кийин Медведев «Россия өзүнүн жери аркылуу Афганистанга жүктөрдүн өтүшүнө ыраазы» деп айтты, («Россия Сегодня», 2010-жыл 20-ноябрь).

Россия өзүнүн жеринен Афганистанга аскерий жүктөрдүн алып өтүлүшүндө НАТОго мүчө мамлекеттер менен кызматташтык кылууга ыраазы болду. Бул Россиянын айрым кызыкчылыктарды жүзөгө чыгаруу үмүтүндө Америкага көрсөтө турган акысыз кызматы. Акыйкатта болсо, андан эч нерсе өндүрө алган жок. Россия, эгер НАТО күчтөрү Афганистанда мужахиддер алдында жеңилүүгө учурай турган болсо, Афганистандагы абал Россия үчүн коркунуч туудурушу мүмкүн экенин билет. Бирок, ал жерде Американын жеңишке жетиши да Россиянын Орто Азия регионундагы таасирине коркунуч туудурушу мүмкүн. Ошондуктан, Россия муну да эсепке алып жатат жана Советтер Союзу доорунда Афганистандагы жеңилүүсү Американын ушул регионго келип алышына мүмкүнчүлүк жаратканын унутпай жатат.

Өз кезегинде Америка да Россиядан бардык нерсени алууну, ага болсо куру убадалардан башка эч нерсе бербөөнү, дүйнөнүн иштерин башкарууда Россияны шерик кылбоону каалап жатат. Тескерисинче, Россияны НАТО менен кызматташтык кылуу наамы астында өз кызыкчылыгына байланыштуу иштерге шерик кылмакчы, тез эле түздөн-түз өзүнө шерик кылгысы жок.

Россия да анын капканына түшпөдү. Сүйлөшүүлөр жүргүзүүгө даярмын деп, жасалма жемге ашыгып жаткан болсо, бирок, толук шерик болууга аракет кылып жатат!

3 – Эми, ракеталарга каршы калкан системасына келсек, Америка муну менен Европага өзүнүн толук үстөмдүгүн орнотууну көздөөдө. Т.а. Европаны өз чеңгелинде кармап туруп, Америка менен атаандаша турган көз карандысыз эл аралык кубатка айланышына жол койбоо максатында Европаны өз коргоосуна киргизип алат жана аны үзгүлтүксүз тынчсыздануу абалына салып коёт. Европа өзүнүн көз карандысыз аскерий кубатын күчөтүшүнө жол бербейт, тескерисинче, өзүнүн ядролук арсеналы менен алектене турган кылып коёт. Анткени, Европанын ядролук арсеналы Америка тарабынан тоңдуруп коюлгандан кийин, эч кандай кыйматы калбайт жана Европа аны өнүктүрүүгө да, жаңылоого да акылуу болбойт калат. Франция коркуп, андан кутулууга урунуп жаткан нерсе мына ушул. Ошондуктан, Франция Британия менен өзүнүн ядролук арсеналдарын жаңылоо жана ядролук технологияларын өнүктүрүү максатында келишимге кол койду. Бул 2010-жылы 2-ноябрда эки мамлекет ортосунда өткөрүлгөн жогорку деңгээлдеги жолугушууда болуп өттү. О.э. жолугушууда бул эки мамлекет Америкадан бөлөкчө көз карандысыз токтом чыгаруу, Американын үстөмдүгүсүз өздөрүнүн кызыкчылыктарына кызмат кылуучу иштер менен алектенүү максатында өз ара күчтөрдөн түзүлгөн бир аскерий күч жаратууга келишип алышты. Бирок, кечеги Лиссабон

саммитинде жүзөгө келген иштер да, Британиянын Америка сунуш кылган ракеталарга каршы калкан системасына каршылык билдирбегени да Франция менен Британиянын позициялары күчсүз экенине далалат кылууда. Экөөсү тең Американын толук үстөмдүгү көрүнүп турган бул саммитте колдорунан эч нерсе келбегенинен үмүтсүздүккө түшүштү.

Ракеталарга каршы калкан планы тышкы көрүнүшүнөн коргонуу болсо да, бирок, тымызын чабуул кылуучу болуп, «терроризм», жолдон адашкан мамлекеттер, массалык кыргын куралдары, ядролук куралдар жана баллистикалык ракеталар коркунучуна каршы согушууга болжолдонгон. Башка сөз менен айтканда, Америка 2001-жылы 11-сентябрь окуяларынан кийин колдонуп жаткан саясатты НАТОнун аты менен ишке ашырып келет. Ошондо, ага кээ бир мамлекеттер, анын ичинен, Германия, Франция, алебетте Россия да каршы чыккан эле. Бирок, Лиссабон саммити Франция менен Германия позицияларын жутуп, Россиянын позициясын төмөндөтүп койду. Бул болсо, Америка үчүн утуш болуп эсептелет о.э. өзүнүн касташкан саясатын улантууга укук берет. Американын Буш доорундагы саясатында башкалардын ыразылыгы алынбас эле. Бирок, Американын Обама доорундагы учурдагы саясатында Буш саясаты уланып жаткан болсо да, бирок, башкалардын ыраазы болушу да каралат.

4 – НАТОго кең укуктарды берүү жана анын майданын кеңейтүү жөнүндө айтылган жаңы план жана стратегияга келсек, ушул союздун пайда болуш себеби жоголгонунан, т.а. Советтер Союзу ыдырап, Варшава келишими жок болгондон кийин бекер кылынышы шарт болгон НАТО бекер кылынбастан, дүйнөдө турган соң, бул план жана стратегия да өзгөрбөй турат. Душмандардын өзгөрүшүнө жана НАТОго мүчө мамлектетерге коркунуч туудуруучу иштердин ойлоп табылышына карап, бул план жана стратегия да токтобойт. Бирок,

саммитте НАТОго душман деп кайсы мамлекет болжолдонуп жатканы да, ракеталарга каршы калкандан кайсы мамлекет бутага алынып жатканы да айтылбайт. Бирок, ракеталарга каршы калкан деп, Түркия талкууга алынып жатканынан болжол исламий регион экенин түшүнүп алууга болот. Максат, исламий региондордун кубат каражаттарына ээ болуп алышына же ал жерде Халифалыктын тикеленишине жол койбостук. Бул болсо, капырлардын дилинде Ислам жана мусулмандарга каршы канчалык душмандык жатканын анык көрсөтүп турат. О.э. бул Түркия ракеталарга каршы калканды жайгаштыруу үчүн этибарга алынып жатканда, бул өлкө акимдеринин канчалык кылдмышкер экенин да көрсөтүп турат.

5 – Тыянак: Америка бул саммитте НАТОго мүчө мамлекеттер үстүнөн, айрыкча, Батыш Европа үстүнөн өкүмдарлык кылууга жана аларды өз каалосуна моюн сундурууга жетишти. Америка муну менен аларды өз коргоосуна киргизип алууну, бөлүнүп алышып, көз карандысыз кубатка айланууларына тоскоолдук кылууну максат кылды; Америка Россияны өз пландарына болгон каршылыгын жумшатты; Чоң мамлекеттер арасында Америкага каршы туруп, анын тынчын буза турган же анын иштерин ойрон кылып, ойноп жаткан картасын кайрадан аралаштырып жибере турган кандайдыр бир мамлекет калбады; Натыйжада, Америка өзүнүн финансылык кризисинин жана Ирак, Афганистандагы ийгиликсиздигинин натыйжасында калтырап калган эл аралык абалды ушул саммитте бекемдеп алды. Мындан тышкары, НАТОнун укуктарынын кеңейтилгенинен жана Түркияны ракеталарга каршы калкан орнотулуучу жер кылуу жөнүндө талкууланганынан бул саммиттин Ислам жана мусулмандарга кандай гана коркунучтуу экени да ачылып калды. Ошондуктан, мусулмандар бул коркунучту түшүнүп, Халифалык мамлекетин тикелөөгө олуттуу аракет кылуу менен бул коркунучка балта уруулары шарт. Анткени,

Халифалык мамлекети колонизатор капырлардын айла-амалын өздөрүнүн кекиртегине урат, уюштуруп жаткан фитналарын өздөрүнүн жеңилишине айлантат. Алла Өзүнө (Исламга) жардам бергендерге. Албетте, жардам берет жана Алла албетте күчтүү, кудуреттүү.

**16-зул-хижжа, 1431-х.**

## Трамп жана НАТО саммити тууралуу

**Суроо:** *Бельгиянын Брюссель шаарында 2018-жылы 12-июль күнү НАТОнун саммити болуп өттү. Ага Америка мамбашы Трамп жана НАТОго мүчө 29 мамлекеттин башчылары катышты. Анда ички аскерий каржыны 2%га жогорулатуу боюнча Трамп менен алардын ортосунда кызуу талкуу орун алды. Эмне үчүн Америка мындай кылып жатат? Мындан ары бул уюмдун (НАТОнун) тагдыры кандай болот?*

**Жооп:** Муну ачыктап берүү үчүн төмөнкү нерселерге токтолуп өтүү зарыл:

1 – Америка мамбашы Дональд Тармп дипломатиялык жолдон алыс түркөйлүк жолду тандап алды. Ал ачык түрдө эле эмнени каалап жатканын жар салып, кысымдарды өткөрүп жатат. Ал каалган нерсесин пардасы жок эле талап кылууга өтүп алды. Айрыкча, башка өлкө башчылары менен жолугушканда текебердиги жагынын кичүү Жорж Буштан ашып түшүп, алардан каалаганын ачык түрдө эле талап кылып жатат. Ошондой эле ал Обама сыяктуу эмес. Обама көптөгөн нерселерди парда артынан ишке ашырган. Башка өлкө башчыларына карата кысымды Британия айлакерлигине окшош саясий маневр, кагазга ороо аркылуу жүзөгө ашырган. Америка мурунку мамбашы Обама 2014-жылы НАТОнун ички аскерий каржысын 2%га көтөрүүнү ага мүчө мамлекеттерге карата сунуштаган. Ал бул ишти ишке ашыруу максатында ар түрдүү ыкмалар менен НАТОго мүчө мамлекеттерге карата кысымдарды кылды жана келишимге жетишти. НАТОну бирдиктүү бир уюм катары көргөзүү максатында, кабарларда

Обаманын НАТОго мүчө мамлекеттердин башчылары менен бул маселе боюнча жолугушуулары чуу жаратылбастан берилди. Анын натыйжасында Америка НАТОго мүчө мамлекеттердин бул жүрүшүнөн ыраазы абалда эле. Ал эми Трамп алар менен аябай каршы пикир келишпестиктерге барды. Ошол жылдары НАТОго мүчө мамлекеттер Обамага 2024-жылга чейин НАТОнун ички аскерий каражатына кошумча каражат катары жумшала турган бул 2%га көтөрүлгөн чыгашаны өздөрүнүн өлкөлөрүнүн ИДПсынан төлөп берүүнү макулдашкан. Бирок НАТОго мүчө мамлекеттердин ичинен 15и, алардын ичинен Германия, Канада, Бельгия, Италия, Испания 1,4%дан ашпаган мурунку эле каражаттарын төлөп келишүүдө. Алар жаңы келишимди жана убадаларын ишке ашырууга кудуреттери жетпеди. Бул нерсе Трамптын ачуусун келтирди. Американын бул маселе боюнча көтөрүп жаткан демилгесине ылайык, 2030-жылга карата НАТОго мүчө мамлекеттерге душмандык ыктымалдуулугу туулуп жаткан Орусияга каршы 30 күн аралыгында автоматташтырылган 30 батальонду, 30 эскадралык тик учакты, 30 согуштук кемени ишке киргизүүгө кудуреттүү болушу керек. Америка Орусиядан кыялдагы душманды жасап жатат. Аны менен Америка Европаны аскерий, саясий жактан көз карандысыз болуп кетишинин алдын алып, ага карата өз таасирин сактап калууну каалап жатат. Мына ушундайча Америка эң жок дегенде Европа анын аскерий жетекчилиги алдында калышы үчүн аны НАТОдо калууга мажбурлап жатат.

2 – Трамп НАТОдогу союздаштарды канааттандыруу өтө оор экендигин билди. Трамп Брюсселдеги саммитке жөнөп жатып 10-июлда твиттердеги баракчасына 16-июлда Хельсинкиде Орусия мамбашы Путин менен боло турган жолугушуу НАТО саммитине караганда жеңилирээк болушун күтүп жаткандыгын жазды. Анын бул сөзүндө чындык бар. Орусия өзүнүн кызыкчылыгы үчүн Америкага кызмат кылуу жаатында Америка колундагы марионеткага айланып бaратат. Орусия өзүн дүйнөдөгү биринчи мамлекеттин жанында дүйнөгө таасир өткөрүп жаткан ири мамлекет

сөлөкөтүн сактап калуу аракетинде. Ошондой эле, айрыкча Орусия өзүнүн таасири астындагы аймактарда Америка таасиринин жайылышын алдын алуу максатында анын кызматын кылып берүүгө лаббей деп жооп берүүдө. Ал эми, Европа өзүн Америкага карата атаандаш катары карап жатат. Ошондуктан Америкага атаандаш болуу максатында ЕБни түздү. Америка бул биримдикке карата душмандык мамиле кылууда. Аны чачыратып жиберүү аракетин ачыктан ачык эле колдоого алып жатат, Британиянын андан чыгып кетишин колдоого алды. Трамп Тереза Мэй өкмөтү ЕБдиктен чыгып кеткенден кийин да ЕБ менен эркин базар түзүүгө умтулуп жатканын айыптап мындай деди: «Мэйдин планы Америка менен болгон келишимди жокко чыгарышы мүмкүн. Анткени алар бул келишимди ишке ашырууну ушундайча чечишсе, биз Британиянын ордуна ЕБ менен алака кылуубуз мүмкүн. Мен Тереза Мэйге Брекзит менен кандай алака кылаарымды айттым. Бирок, ал ага макул болбоду жана мага кулак салбады. Ал башка жолдорду тандады». Трамп Тереза Мэйдин планына каршы чыккандыгы себептүү иштен алынган Британиянын ТИМи Борис Жонсонду мактап мындай деди: «Келечекте ал ири өкмөт башчы болот». («Би-Би-Си», 2018.07.13). Трамп Ебдеги башка өлкөлөрдү андан чыгып кетүүгө ачык эле чакырды. Ал тургай, өткөн апрель айында Америкага иш сапары менен барган Франция мамбашын да ЕБден чыгып кетүүгө чакырды. «Вашингтон пост» гезити 29-июнда мындай жарыя кылды: «Трамп Франция мамбашы Макронго Америка менен эки тараптуу келишимдерге жетүү үчүн ЕБден чыгып кетүү сунушун берди. Муну ал апрель айындагы эки тараптуу жолугушуу алкагында айтты». Европалык эки жооптуунун айтуусунда «Трамп Макронго ЕБден эмнеге чыкпайсың деген суроо узаткан».

3 – Ошондуктан Трамп ЕБди айыптады, айрыкча Германияны. Германия менен Америка ортосунда келишпестик өтө күчтүү түс алды. 2017.06.07. чыккан суроо-жоопто да буга токтолуп өткөнбүз. Анда мындай деген элек: «Германия Европанын финансы борбору. Экономикалык жактан

Америка, Кытай жана Жапониядан кийинки эле төртүнчү дүйнөлүк гигант. Ошондуктан Америка кызыкчылыгы үчүн Германиядан үлкөн акча каражатын алуу максатында Трамптын көзү Германияга түштү. Айрыкча, Америка Германияга карата аны Орусия коркунучунан коргоону шылтоо кармап НАТОнун ички аскерий каражатына кошумча акча берүүсүн андан талап кылды. Берлин улуттук кирешесинен 1.2% же 42 миллиард доллар көлөмүндөгү каражатты аскерий жакка жумшайт. Ошондой эле Америка менен Германия ортосундагы соода балансы да акыркы учурда Германия тарапка ооп жаткан учуру. Алтымыш миллиард евро Германия кызыкчылыгы тарабында болду. 2016-жылы Америка менен Германия ортосундагы соода 165 миллиард еврону түзгөн, анын 107 миллиард евросун Германияны экспорттук товарлары түзгөн». Суроо-Жоопдо муну да айтып өткөнбүз: «Европанын келечектеги абалы Германиянын саясий жана экономикалык жактан жетекчиликти колго алуусу менен көрүнөт. Буга ишаарат кылып турган нерсе Германия жооптууларынын Америка саясатына каршы каяша айтып, ачык түрдө аны менен тең тайлашып жаткандыктары... Эгер, бул абал улана берсе Европада бир топ силкинүүлөр жүз берет, акыр аягында Германияны оор куралдар менен куралдануусуна түртө турган фактор болуп калат”.

4 – Трамп Германиянын аны менен тең тайлашып, ага бекем каршы туруп жатканына күбө болду. Айрыкча, Трамптын ЕБге карата душмандыгын ачыктан ачык билдире баштагандан бери. Германия ЕБди экономикалык жактан өзүнүн базары катары карайт. Ошондой эле Германиния ЕБди эл аралык саясатка таасир өткөрүү үчүн колдоно турган негизги каражат катары да карайт... Ушуга негизделип Трамп экинчи дүйнөлүк согуштан бери Америка Германияны коргоого алып келгендигин бетине кармап, Германиядан НАТОнун ички аскерий каражатына кошумча миллиарддаган доллар беришин талап кылууну күчөттү. Саммит башталышынан мурун Трамп НАТОнун башкы катчысы менен жолугушуп, Германияга чабуул

кылды: «Германия Орусияны байытып жатат. Ал Орусиянын күрөөсү. Ал Орусиянын басымы астында. Ал энергия менен камсыз кылып берүүсү үчүн Орусияга миллиарддаган доллар берүүдө. Ошондой эле анын коопсуздугун Орусиядан камсыз кылып берүү бизге милдет. Муну кандай түшүнүүгө болот? Бул адилеттүүлүк эмес да?». Трамп саммит учурунда да мындай деди: «Германия толук Орусия басымы астында. Анткени ал жаңы газ куурунан тышкары энергиясынын 60-70%ын Орусиядан алат. Бул нерсе НАТОнун максаты үчүн өтө жаман иш деп кесе айта алам». («Би-Би-Си», 2018.07.12). Трамптын бул айыптоосуна каршы Германиянын канцлери Меркель минтип жооп кайтарды: «Германиянын саясаты өз алдынча жана токтомдорду өз алдынча кабыл алат. Мен СССР басып алганда Германиянын бир бөлүгү катары жашагам. Мен азыр бириккен Германия туусу астында жашап жаткандыгыма бактылуумун. Ушул себептен улам, биз өз алдынча саясат жүргүзө алууга жана өз алдынча токтомдорду кабыл алууга кудуреттүүбүз деп толук түрдө айта алам». Германиянын ТИМи Хайкоу Мас мындай деди: «Биз Орусиянын же Американын туткуну эмеспиз». («Би-Би-Си», 2018.07.12).

Трамп менен Меркель адаттагы сүрөткө түшүү үчүн НАТОнун жаңы платформасына алып бара турган жаңы коридорунда бара жатышканда да бири-бирин көрмөксөн, билмексен абалда барышты. Трамп буга чейин эле Орусия менен Германияны байланыштыра турган жаңы «Түндүк агым–2» газ кууру долбоорунан да баш тартууну талап кылып, аны катуу айыптап келген. Бул долбоорду кээ бир европалык жооптуулар да ЕБдин саясатын бөлүп жара турган катары санап, андан баш тартууга чакырып келишкен. Польша бул долбоорго Европа муктаж эмес деп санайт. Польшанын ТИМи Яцек Шаботович НАТОнун штаб кватирасына барганда мындай деди: «Түндүк агым–2» долбоору Европа мамлекеттери Орусияга эбегейсиз акча каражатын берип жаткандыгын түшүндүрөт. Орусия бул долбоорду Польшанын коопсуздугуна каршы колдонушу мүмкүн болгон каражат». («Франс пресс»,

2018.07.11). Ал Трамптын тили менен айтып жатат, анткени, Польшада Америка таасири күчтүү. Ал Евро Биримдиктин ичинде Америка үчүн кызмат кылып берет.

Мына ушундайча Америка ЕБдин ичинде аны ичинен бузуп талкалоо үчүн көптөн бери ушундай иштерди кылып келет. Бирок, Трамптын мезгилине келип ЕБди чачыратып жиберүү аракети ачыктан ачык эле кылына баштады. Башкача айтканда, Трамп өзүнө карата тагдырий маселе болгон өзүнөн мурунку Обама кыла албаган 2% кошумча ички аскерий чыгашаны европалыктарды төлөөгө мажбур кылып, өзүнө карата ийгилик жаратууну максат кылды. Анын бул ийгилиги республикачылар партиясы ичинде анын кадыр баркын көтөрүп, келерки президенттик шайлоодо ага ийгилик алып келе турган иш болуп калат.

5 – Бирок Франция Американын бул талабына көбүрөөк сезимталдык менен жооп берүүчүлөрдөн болду. Франция мамбашы Макрон мындай деди: «Франция 2024-жылга чейинки НАТО ичинде келишилген коргонуу жаатында жумшала турган 2% чыгашаны төлөөгө макул. Уюмдун ичиндеги биримдик адилеттүү бөлүштүрүү оор жүгүн көтөрө алганда гана ишке ашат». «Трамп мурдараак саммиттен чыгып кетүү тууралуу күмөндөнүп жаткандыгына карабастан, НАТОго болгон ыктоосун дагы жаңылап билдирди. Ал 12-июлда саммиттен чыгып кетүү аркылуу түзмө-түз коркутууга алган жок». («Reuters», 2018.07.12). Маалым болгондой, Франция азыркы учурда ИДПнын 1.8%ын коргонуу жаатына коротот. Бирок, Франция улуулук даамын татыш үчүн эл аралык майданда Америка ага роль берип турушу үчүн Америкага кошоматтык менен мамиле кылат. Ошол эле маалда ЕБден да кол үзбөөнү колго алышты максат кылган. Анткени, Германиянын алга озуп кетүү ыктымалдуулугунун коркунучу бар. Франция бир учурда Канадада өткөн чоң жетилик саммитиндеги Трамп жар салган соода согушу маселесинде же Америка бир тараптуу чыгып кеткен Иран өзөктүк келишимин сактап калуу маселесинде ЕБдин кызыкчылыгын коргоду. Кээ

бир учурда Брюсселде өткөн саммитеги сыяктуу Америка тарапка кошоматтык кылды.

6 – Трамп Америка НАТОдон кол үзүүгө да даяр экендигин жар салды. Ал муну ишке ашырбаса да ал опузалоо дагы да күчүндө калууда. Ал өз союдаштарына да, душмандарына да соода согушун жарыялады. Бул нерсе башка коалициялык союздаштарынан баш тарта турган акылсызыраак Америка мамбашы тарабынан жар салынып жаткан Америка саясатындагы жаңыча багыт. Биз 16-июнда чыккан суроо-жоопто да айтып өткөнбүз: «Ушунун баары соода согушу документи Америка үчүн маанилүү экендигин көргөзүп турат. Анткени ал 2008-жылда жарылып чыккан финансы кризисинен кутула албай андан жабыркап келе жатат. Анын карызы 20 триллиондон ашык долларга жетти. Бизнесмен Америка президенти Трамп биринчи Америка деген ураан астында Америка экономикасын куткармакчы. Америка дүйнөгө таасир өткөрүш үчүн мурдатан пайдаланып келген эл аралык институттарды иштен чыгарып, анын натыйжасында жаңы эл аралык абалды пайда кылуу аркылуу Америка өзү көп чыгашага учурабастан башка өлкөлөрдүн жардамында соода балансы Америка үчүн ооп, дүйнөгө жалгыз өзү гана кожоюндук кылуу планында иш алып барууда. Балким союздаштары анын көлөкөсү астында жүрүшү үчүн соода пайдасы жана кожоюндук тууралуу гана пикирлеп калды».

7 – Мына ушундайча союздаштар ортосунда соода согушу алоолоно баштады. Бул нерсе алардын союздарынын ыдырашынан жана алардын ортосунда экономикалык саясий согуштун тутанышынан кабар берет. Эгер, аларда өзөктүк куралды колдонуу коркунучу болбогондо алардын ортосунда эки дүйнөлүк согуштун изинен эле үчүнчү дүйнөлүк согуш тутанмак. Мына ушул союздаштар – дүйнө үчүн жамандыктын башаты. Анткени, алар бир гана материалдык пайданы турмуштун өлчөөсү кылып алган капитализмди башкаруу системасы кылып тандап алышкан. Дүйнө төрт кыйматты ахлакий, инсаний, рухий, маддий кыйматты бири-биринен үстөм койбой, баарын бир

кылка ишке ашырып дүйнөнү караңгылыктан нурга алып чыга турган Пайгамбарлык жолундагы Халифалык мамлекетине суусап турган чагы. Аллах үчүн калыстуулук менен түнүн күнгө улап, күнүн түнгө улап бул улуу ишти ишкке ашырууга аракет кылып жаткан пенделерге Аллах күч кубат берсин. Аллах алардын жүрөгүн Өз нусраты менен тынчтандырсын.

﴿إِنَّا لَنَنْصُرُ رُسُلَنَا وَالَّذِينَ آمَنُوا فِي الْحَيَاةِ الدُّنْيَا وَيَوْمَ يَقُومُ الْأَشْهَادُ﴾

***«Албетте, биз элчилерибизге жана ыйман келтирген пенделерибизге бул дүйнөдө да, акыретте да жардам беребиз »*** [40:51]

**7-робиус-саний, 1438-х.**

**17-июль, 2018-м.**

**Литвада болуп өткөн НАТО саммити жана анын натыйжалары**

**Суроо:** ***Түндүк Атлантика Келишими Уюмуна (НАТО) мүчө мамлекеттер Россия чегарасында жайгашкан Балтика деңизинин жээгиндеги мамлекеттердин бири Литвада 2023-жылы 12-июль күнү саммит өткөрдү. Суроо: бул саммит эмнелерге алып келди? Украинанын НАТОго мүчө болуу талабы эмне үчүн четке кагылды? Украина согушу кайда алып барат?***

**Жооп:** Бул суроолордун жообу ачык-айкын болушу үчүн ушуларды карап чыгабыз:

1 – НАТОнун корутунду билдирүүсүндө кээ бирлери Украина-Россия согушуна байланыштуу, дагы кээ бирлери башка маселелерге байланыштуу 90го жакын пункт белгиленди. Бул корутунду билдирүү өзгөчө Американын, жалпысынан алганда Батыштын дүйнөдөгү гегемондугуна жана таасирине байланыштуу бардык эл аралык маселелердин толук баяны болду. О.э. анда Россия, Украинадагы согуш, Кытай, Индия жана Тынч океаны региондору жана ал жердеги мамлекеттерге тиешелүү о.э. Европа Союзу, Жакынчы Чыгыш, Иран, Ирак, Иордания жана Африка менен боло турган мамилелерге тиешелүү пункттар белгиленди. Билдирүүдө Батыштын текебердиги,

дүйнөлүк өкүмдарлыгы, бүткүл дүйнөгө өз лидерлигин өткөрүп жатканы о.э. башкаларды коркутуп, өз гегемондугун орнотууга урунуп жатканы көрүнүп турат. Муну менен бирге, Америка жетекчилигиндеги Батыш гегемондугун, аныгы, НАТОнун аты менен Америка гегемондугун камсыздоо үчүн пландар иштелип чыккан. Америка НАТОдо чоң ийгиликке жетишкендиктен, туурасы, өз гегемондугун НАТО мамлекеттерине, б.а. Европа Союзунун мамлекеттерине орноткондуктан башы асманга жетүүдө. Ал Финляндия жана Швецияны өз ичине камтыган аймактарга чейин кеңейтүү менен НАТОну бекемдөөгө аракет кылып жатат. Бул, албетте, Эрдаган жетектеген Түркия Финляндия менен Швециянын мүчөлүгүн макулдагандан кийин ишке ашууда. Бул окуялар Франция башчылыгындагы Европанын АКШнын гегемондугунан чыгуу о.э. АКШга итааткөй болуп калган Европа Союзунун кубатын бекемдеген көз карандысыз Европа армиясын куруу аракеттерине катуу сокку болду. Бул нерселер Франция президенти Макрон 2019-жылы ноябрь айында НАТОну «клиникалык жактан өлгөн» деп сүрөттөп, Европаны өзүнүн көз карандысыз армиясын түзүүгө чакыргандан кийин болуп жатат... Бул нерсе Американы ачуулантып, жан үрөп НАТОну күчөтүүгө үндөгөн эле. Андан кийин Украина согушу башталып, Европанын АКШнын канатынан, гегемондугунан жана текебердигинен чыгып кетишин алдын алууда Америка үчүн алтын учур жүзөгө келди.

2 – Украинага келсек, Америка анын НАТОго мүчө болушун азырынча кабыл алган жок. Саммиттин акырында АКШ президенти Байден: «НАТО жетекчилери Украинанын согуштан кийин мүчө болушуна келишип алышты», - деди. (Би-Би-Си, 2023-жыл, 12-июль). Ал эми, АКШнын мамлекеттик департаментинин маалымат катчысы Элизабет Стикни: «Украинанын НАТОго мүчө болушу учурда мүмкүн эмес. Бул маселе согуш маалында талкууланбайт. Вашингтондун НАТО саммитиндеги үстөм багыты Украинага колдоо көрсөтүүнү улантууну өз ичине алат», - деди. (Скай-Ньюс жана Ал-Жазира, 2023-жыл, 11-июль). НАТО жетекчилери тарабынан

макулданган корутунду билдирүүдө мындай делет: «Украинанын келечеги НАТОдо... Украинанын Евроатлантикага кошулушу “мүчөлүк аракет планы” деген талап-шарттан да өтүп кетти...». Билдирүүдө дагы мындай делет: «Союздаштар келишишкенде жана шарттар аткарылганда Украинага НАТОго мүчө болууну сунуштайбыз». (Ал-Жазира нет, 2023-жыл, 11-июль)...

НАТО жетекчилери Украинага НАТОго мүчө болууну сунушташпады же НАТОго мүчө болуу графигин да жарыялашпады. НАТОго мүчө болуу үчүн мамлекеттер аткарууга тийиш “мүчөлүк аракет планы” деп аталган талаптын Украинага кереги жоктугун айтышып, НАТОго кошулушу алдындагы тоскоолдукту алып салышты. Башкача айтканда, Украина согуш бүтөрү менен НАТОго мүчө болот. Ыктымал, кырдаал өзгөрүп, НАТО мамлекеттери Украинаны мүчө кылууга мажбур болушу, туурасы, НАТОдогу токтом ээси болгон Американын позициясы өзгөрүп, Украинанын НАТОго мүчө болгонун жарыя кылышы да мүмкүн. Ошентип, Россия Украинага согуш жарыялоо менен түзгөн бардык эсеп-кысаптары текке кеткен болот.

3 – Американын позициясы Украина президенти Зеленскийди ачуулантты. Ошондуктан, ал корутунду билдирүү менен таанышып чыккандан кийин конференцияга катышуудан мурун Твиттерде мындай деди: «Украинанын НАТОго мүчө болуу мөөнөтүн белгилебөө – болуп көрбөгөндөй акылсыздык. Ачык-айкындуулуктун жоктугу күчсүздүк болуп эсептелет. Анткени, анык бир келишилген убакытты белгилебөө мамлекеттин мүчөлүгү акыбетте соодалашуу каражатына айланышы мүмкүндүгүн түшүндүрөт». Корутунду билдирүүлөр алгач токтом ээси тарабынан даярдалат. Андан кийин саммит жана конференцияларда талкууланып, керектүү өзгөртүүлөр киргизилет же ошондой тастыкталат. Зеленскийдин импульстуу аракеттерине ачууланган АКШ делегациясынын мүчөлөрү аны өзүн басууга, убада кылынган коопсуздук жардамдарын кабыл

алууга үндөштү. Ошондон соң, Украина президенти Зеленский тынчтанып: «НАТО Украинанын коопсуздугун камсыздайт, Украина болсо НАТОну дагы да күчтүү кылат», - деп билдирүүсүн өзгөрттү. (Би-Би-Си, 2023-жыл, 12-июль). Белгилүү болгондой, НАТО 2008-жылы келечекте Украинаны НАТОго мүчө кылууга аракет кылуу милдетин жарыялаган. НАТОнун башкы катчысы Йенс Столтенберг: «НАТО союздаштары Украинаны мүчө кылуунун мөөнөтүн белгилебегендиги Украина президенти Зеленскийди тынчсыздандырды», - деди. Бирок, ал «НАТО Украинаны колдоп-кубаттоону улантарын баса белгилеп», «НАТО мүчөлөрү Россияга каршы туруу жана Киевди аскерий жактан колдоп-кубаттоо үчүн кеңири көлөмдүү коргоо планы жөнүндө келишишкенин» билдирди. (Ал-Жазира, 2023-жыл, 11-июль). Америка Украинаны НАТОго мүчө кылуудан азырынча баш тартты. Себеби, ал түздөн-түз согушка кирүүнү жана ал жерге өз аскерлерин жиберүүнү каалабай жатат. НАТО 1949-жылы 4-апрелда түзүлгөндө Вашингтон документинин 5-пунктунда НАТОнун ар кандай мүчөсүнө жасалган кол салуу бардык мүчөлөргө жасалган кол салуу экени айтылган. Ошентип, Америка орус жана украиндер өлтүрүлүшү үчүн Украинага аскерий жабдык жана курал-жарактарды жөнөтүп, Россияны жеңүүнү, андан кийин Украинаны НАТОго мүчө кылып, АКШ кошуундарын ал жерге алып кирүүнү, андан кийин болсо Россия борбору Москванын жанында өзүнүн аскерий базаларын курууну каалап жатат.

4 – Көптөгөн массалык маалымат каражаттары жарыялаган, кээ бири деталдарын жана пункттарын да кошо жарыялаган бул билдирүүдө «Союздаштар Россия тарабынан болгон кооп-коркунучтарды жоюу үчүн жакындан кызматташууну улантышы, Россия НАТО союздаштарынын коопсуздугу жана Евро-Атлантика регионундагы тынчтык үчүн эң чоң коркунуч экендиги» баса белгиленди. Анын 34-пунктунда мындай делет: «Коопсуздук абалынын түптөн өзгөргөндүгүнө жооп катары, биз альянстын бардык багыттагы кооп-коркунучтарга каршы жамааттык коргоосун күчөтүп

жатабыз. 2014-жылдан (Россия Крымды аннексия кылып, Украинанын чыгышында өз таасирин бекемдеген) учурдан бери, айрыкча, «Мадрид-2022» саммитинде биз өз позициябызды бекемдөө жана ыкчам аскерий координациянын жолун белгилөө боюнча чечимдерди кабыл алдык. Бүгүн биз НАТОнун тизгиндөө жана коргоо позициясын бардык тармактарда дагы да бекемдөө боюнча, биринчи линиядагы коргоону бекемдөө жана Альянстын кооп-коркунучка учураган ар кандай союздашын бат күчөтүү жөндөмүн бекемдөө боюнча маанилүү иш-чараларды ишке ашырууга келишиштик. Биз бул иш-чараларды толук ишке ашырабыз жана ар кандай ыктымалдуу атаандашты баскынчылык мүмкүнчүлүктөрүнөн кур жалак калтырабыз». 2022-жылы июнь айында Мадридде болуп өткөн НАТО саммитинде НАТОнун жаңы стратегиялык концепциясы жарыяланган. Анда Россия союздаштардын коопсуздугуна эң чоң жана түздөн-түз кооп-коркунуч катары каралган. Ал эми, Кытай андай эсептелбеген болсо да, бирок, Альянстын кызыкчылыктарына жана баалуулуктарына кооп-коркунуч деп каралган. Корутунду билдирүүдө «Россия Украинада болуп жаткан бардык окуяларга о.э. Европа жана дүйнөнүн башка жерлеринде коопсуздук жана тынчтыкка зыян жеткирип жаткан кооп-коркунучка жооптуу» делген. О.э. анда «Россия түрдүү тармактарда сапарбарлыгын жана Балтика деңизи, Кара деңиз жана Ак деңиздеги сапарбарлыгын күчөтүп, түндүк уюлда чоң аскерий таасирин сактап калууда» деп баса белгиленет. Андан кийин Россия «НАТО чегаралары жанында провокациялык иш-аракеттерди жасоодо, Альянстагы мамлекеттерди эскертпестен кеңири көлөмдүү манёврларды өткөрүүдө жана НАТОнун түштүк кошунасы, Жакынчы Чыгыш, Түндүк Африка жана Жээк регионунда кескиндикти курчутууда» деп айыпталды. Муну менен бирге, билдирүүдө «НАТО Россия менен кагылышууга умтулбай жатат», «НАТО Россияга коркунуч салбайт. Бирок, Россиянын душманчыл саясаты жана иш-аракеттери аны биздин шериктешибизге айлантпайт» деген сөздөр келет. (Ал-Жазира, 2023-жыл, 11-июль).

Бул – Россияны чалгытууга, Россияда Батыштын ырайымы жана аны менен мунасага келүү мүмкүндүгү жөнүндө пикир пайда кылууга урунуу. Муну менен Россияны үмүт менен үмүтсүздүк ортосунда абдыратып коюшууда. Т.а. бир тараптан, Россия Украинага аралашып, максаттарына жете албаган жана жетүү кыйын болуп калган соң, мунасага барууну жана Украина туңгуюгунан аброюн сактап чыгып алууну үмүт кылып жаткан болсо, экинчи тараптан, мунасадан үмүтүн үзүп, натыйжалары кепилденбеген Украина баткагында узак убакыт калышы мүмкүндүгүн баамдап жатат... Бул туңгуюк абал жана согуш созулуп жатканда АКШ жетектеген Батыш өз максаттарына жетүү үчүн согушту созууга аракет кылууда. Көрүнүп тургандай, учурда бардык Батыш мамлекеттери, алардын катарында, Япония да Американын көз карашын т.а. Россияны жеңүү жана ал жердеги абалды, айрыкча, саясий жетекчиликти өзгөртүү назариясын кабыл алышкан. Конференция учурунда G7 жетекчилери билдирүү берип, «Канча узакка созулбасын, Россиянын кол салуусунан өзүн коргоп жаткан Украинаны колдоп-кубаттоолорун» билдиришти. (Би-Би-Си, 2023-жыл, 12-июль).

5 – НАТО мүчөлөрү өздөрүнүн ядролук мүмкүнчүлүктөрүн жогору баалап, 44-пунктта белгиленгендей, аларды өнүктүрүү үстүндө иштөөнү баса белгилешти. «НАТОнун стратегиялык ядролук күчтөрү, айрыкча, АКШнын ядролук күчтөрү – коопсуздукту камсыздоо жана кол салууну алдын алуу кепилдиги. Союз ядролук басаңдатуу жөндөмүнүн ишенимдүүлүгүн жана майнаптуулугун камсыздоо үчүн бардык зарыл чараларды көрөт. Бул ийкемдүүлүктү жана эл аралык өзгөрүүлөргө ылайыкташууну күчөтүү үчүн Альянстын ядролук кубатын модернизация кылууну улантууну да өз ичине алат». О.э. саммиттин катышуучулары Украина согушунда Россия ядролук куралынан пайдаланган учурда буга карата тызымын коркутууларды билдиришип: «Альянска каршы ар кандай ядролук куралды пайдалануу (Украинадагы) жаңжалдын маңызын түп-тамырынан өзгөртөт», - дешти.

НАТО мамлекеттери акыркы жолугушууда билдирүүнүн 28-пунктунда «технологиялык үстөмдүктү сактап калуу жана НАТО күчтөрүн модернизациялоону жана реформалоону улантуу максатында ички дүң продукциянын кеминде 2 пайызын аскерий каражаттарга сарптоону» баса белгилешти. Бул болсо жаңы куралдануу жарышы башталганын түшүндүрөт. Корутунду билдирүүнүн пункттарында НАТО мамлекеттери «Жамааттык коргонуунун жаңы доору үчүн НАТОну модернизациялоо үстүндө иштөө керектигин» айтышты. О.э. «ар кандай кол салуучуну жеңүү, Альянстагы мамлекеттер аркылуу жерде, абада жана деңизде союздаштардын бардык жерин коргоо жаатында бекемдиги жана милдеттери тилектеш» экени айтылды.

Өзүнүн ядролук потенциалын өнүктүрүү үстүндө иштеп жаткан АКШ башчылыгындагы Батыш ядролук куралдан пайдалануу жана бардык тармакта аскерий мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү менен коркутууда. Ошол эле учурда, ядролук куралга ээ болууга, же өнүктүрүүгө, же өзүнүн аскерий кубатын өнүктүрүүгө умтулуп жаткан ар кандай мамлекетке согуш ачууда. Билдирүүнүн 56, 57 жана 84-пункттарында айтылгандай, алар Иран жана Түндүк Кореянын ракета потенциалын өнүктүрүү жаатындагы тажрыйбаларын каралашты.

6 – Кытайга келсек, ал жөнүндө 6, 23, 24, 25 жана 55-пункттарда айтылган. Алар «Кытайдын амбициялары жана ачыктан-ачык зомбулук саясаты алардын кызыкчылыктарына, коопсуздугуна жана баалуулуктарына кооп-коркуныч» деп каралашты... О.э. «Кытайды өз стратегиясы, ниеттери жана аскерий сапарбалыгы туурасында ачык-айкын эмес» деп билдиришти. Алар эсептешинче, Кытайдын «гибрид жана зыяндуу кибер операциялары, карама-каршы риторика жана дезинформациялары НАТО мамлекеттерин бутага алып, анын коопсуздугуна зыян жеткирүүдө». «Кытай стратегиялык көз карандылыкты жаратуу жана өз таасирин күчөтүү үчүн өзүнүн экономикалык таасиринен пайдаланууда о.э. принциптерге негизделген эл

аралык тартипти, космос, кибер жана деңиз тармактарында бузууга умтулуп жатат. О.э. негизги технологиялык жана өнөр жай тармактарын, маанилүү инфраструктуларды, стратегиялык материалдарды жана камсыздоо чынжырларын көзөмөлдөөгө урунууда». О.э. алар Кытайды «БУУнун Коопсуздук Кеңешинин туруктуу мүчөсү катары конструктивдүү роль ойноого, Россиянын Украинага каршы согушун каралоого, Россиянын согуштук аракеттерин эч бир көрүнүштө колдоп-кубаттабоого о.э. Россиянын Украинага каршы согушта Украина жана НАТОну айыптаган жалган жомокторду көбүртүүнү токтотууга» чакырышты. Ошол эле учурда, «Кытай менен конструктивдүү кызматташтыктын тарапкери экендиктерин, стратегиялык кызыкчылыктарды коргоо максатында өз ара ачык-айкындуулукту жактоолорун» дагы бир ирет баса белгилешти. Алар алардын кызыкчылыктарына жана дүйнөлүк гегемондугуна т.а. Америка башчылыгындагы Батыштын дүйнөдөгү гегемондугуна коркунуч салган Кытайдын амбицияларын каралашкан болсо да, бирок, аны Батыш жана НАТО үчүн коркунуч деп жарыялашкан жок. Болгону анын аскерий стратегиясы жана ниеттери ачык-айкын эместигин айтышты. Биз 2023-жылы 3-июнда жарыялаган «Блинкендин Кытайга сапары» деген суроо-жоопто бул маселеге токтолуп, мындай дегенбиз: «Блинкендин сапарында ишке ашпай калган маанилүү максаттардын бири – Кытай менен Америка аскерлеринин ортосунда байланыш каналын ачууну каалаган Американын тыңчылык каалоосу! Кытай муну түшүнгөндөй, ошондуктан, ал каналдарды жандантууну таптакыр четке какты». 85-пунктта айтылгандай, алар регионалдык компанияларга этибар берип, «Индия-Тынч океаны регионундагы Кытай кооп-коркунучтары» жөнүндө айтышты. Алар «ал жердеги өзгөрүүлөр Европа жана Атлантика коопсуздугуна түздөн-түз таасир кылышы мүмкүн» деп эсептеп, «Япония, Австралия, Жаңы Зеландия жана Түштүк Кореядан турган шериктештердин катышуусун о.э. Алянс менен сүйлөшүү жана кызматташтыкты бекемдөө жолундагы аракеттерин

алкышташты. Демек, Америка Кытайга бардык түрдөгү басымдарды өткөрүүгө аракет кылып, НАТОдон бул басымдарды күчөтүүдө пайдаланууда.

7 – Билдирүүнүн 82, 83-беренелеринде Батыштын Жакынкы Чыгыш жана Африкадагы өкүмдарлыгы жөнүндө мындай делген: «Жакынчы Чыгыш жана Африка стратегиялык мааниге ээ региондор болуп, биз Жер ортолук деңизи сүйлөшүүсү жана Стамбул кызматташтык демилгесиндеги эски шериктештерибиз менен саясий аракетибизди, дүйнөлүк дипломатиядагы алакаларыбызды тереңдетебиз. О.э. тиешелү регионалдык уюмдар, Африка Союзу жана Фарс булуңу кызматташтык кеңеши менен мамилелерибизди күчөтөбүз. Альянс Ирак, Иордания, Мавритания жана Тунис үчүн коргонуу мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүү пакеттерин кабыл алууда о.э. Амманда НАТОнун байланыш кеңсесин ачуу мүмкүнчүлүктөрүн үйрөнүү үчүн Иордания өкмөтү менен мамиле орнотот». Негизги этибар «Иракты колдоп-кубаттоо жана турукташтыруу, Мамлекет уюмуна каршы күрөшүүгө каратылып мындай делет: «Ирак өкмөтүнүн суранычына ылайык, Биз Ирак ички иштер министрлигине федералдык полиция боюнча кеңештерди берүү үчүн НАТОнун Ирактагы миссиясын кеңейтүүнү карап жатабыз». Т.а. НАТО бул регионду толук Батыштын таасириндеги регион деп эсептейт. Америка бул региондо өз таасирин бекемдөөгө аракет кылат. Кошмо Штаттар Жакынкы Чыгыш жана Африка регионунда союздун кызыкчылыктары үчүн аракет кылып жатканын айтып, НАТОну ишендирүүгө аракет кылууда. Негизи, бул эки регион НАТО мамлекеттери ортосунда, өзгөчө, АКШ, Британия жана Франция ортосунда таасир орнотуу күрөшүнө сахна болуп келүүдө.

8 – «Хизб-ут-Тахрирдин саясий түшүнүктөрү» деген китебибизде баса белгилегенибиздей, блок-лагерлерлер идеясы дүйнө үчүн эң кооптуу идеялардын бири болуп эсептелет. Бул, тарыхта дүйнөлүк согуштар менен бирге Афганистан, Ирак жана Ливиядагы баскынчылыктарга себеп болгон.

НАТОго атаандаш болгон жана Батышка коркунуч салган Варшава келишими бүткөн соң, НАТО да таратылышы керек эле. Бирок, Америка Батыш мамлекеттери, өзгөчө, Европа Союзу үстүндөгү гегемондугун сактап калуу, башка мамлекеттерге каршы пайдалануу максатында НАТОнун улануусун каалады. Ушул себептен улам, бул союз тарыхта мындай көлөм жана кубаттагы блокту көрбөгөн адамзаттын тагдыры үчүн эң кооптуу блок болуп эсептелет. НАТО массалык кыргын куралдарына о.э. өнөр жай жана технологиялык мүмкүнчүлүктөргө ээ мамлекеттерди өз ичине алып, ага Японияда ядролук куралдан пайдаланган, эң чоң жана эң кооптуу колонизатор мамлекет болгон Америка жетекчилик кылууда. Америка дүйнөдө кырсыктуу согуштардын коркунучун күчөтүү, бардык жерде өз таасирин жаюу о.э. дүйнөнүн бардык мамлекеттери үстүнөн өз гегемондугун орнотуу үчүн ушул блокту кеңейтүү жана бекемдөөнү талап кылып жатат. НАТОну күчөтүү жана кеңейтүү үчүн жасалган аракеттер адамзатка каршы кылмыш болуп, кырсыктуу баскынчылык согуштарын келтирип чыгарат. Ага мүчө мамлекеттер да – алардын артында колдоп-кубаттай турган көптөгөн мамлекеттер тургандыктан – башкаларга чабуул кылууга батынышат. Муну менен адамдык жана материалдык жоготуулар бир нече эсеге көбөйөт. Бул проблемалардын блоктор жана НАТО идеясына каршы күрөшүүдөн башка чечими жок. НАТОнун болушун эч бир нерсе менен актап болбойт. Себеби, ал – кол салуучу блок. Блоктор жана НАТО идеясына каршы дүйнөлүк коомдук пикирди жүзөгө келтирүү аркылуу күрөшүү мүмкүн. Демек, бүткүл дүйнө аны бул абалдан куткара турган мамлекетке муктаж болуп турат. Адамзат үчүн ниъмат, бүткүл дүйнөгө рахмат болгон бул вазыйпаны Исламий Халифалык мамлекетинен башкасы ишке ашыра албайт.

﴿وَمَا أَرْسَلْنَاكَ إِلَّا رَحْمَةً لِّلْعَالَمِينَ﴾

«(Эй Мухаммад), чындыгында Биз сени бардык ааламдарга рахмат кылып жибердик» [21:107]

30-зулхижжа, 1444-х. 18-июль, 2023-м.

## Нигерия тууралуу берилген суроолорго жооптор

**Суроо:** *Нигерияга Исламдын кирип келгендиги, кийин ал жер кандай башкарылгандыгы жөнүндө бирер тарыхий маалымат барбы? Кийин, Нигериянын саясий абалы кандай?*

**Жооп:** Нигериянын тарыхий вакыйы

1 – Ислам Нигериянын түндүк региону Каного абдан эрте т.а. миладдын жетинчи кылымынын ортосунда эле кирип келип, анын түндүгүндөгү Гусауда, борбору Фуланийде соода-сатык аркылуу таркалды. Ислам ал жерде миладий онунчу кылымдын ортолорунда андалусиялык (испаниялык) фукахалардын колу менен иш жүзүндө кең жайылды. Бул региондордо Усманий Халифалык, же Усман Данфудиюнун наамына таандык Сокото Халифалыгы, деп аталган Исламий амирлик тикеленди. Усман Данфудиюнун бул мамлекети миладий 1904-жылы англистер тарабынан түгөтүлгөнгө чейин жүз жылдай өкүм сүрдү. Ошол доордо Робих ибн Зубайрдын колу астында Буруно салтанаты, деп таанылган башка бир маанилүү Исламий салтанат тикеленди. Нигерия шаръий мекемелеринде көбүрөөк Маликий мазхабына негизделип өкүм кылынчу, кээ бир мусулмандар сунний мазхабында эле. Анын 12 регионунда болсо, Исламий шарияттын айрым өкүмдөрү колдонулат.

2006-жылдын статистикасына ылайык, Нигерия калкынын саны 140 миллионго жетип, анын ичинен көпчүлүгү мусулмандар болгон. Түрдүү статистикаларга ылайык, мусулмандар Нигерия калкынын 68% менен 78%ын түзөт.

Нигериянын территориясы бир миллион кв.км., территориясынын чоңдугу жагынан дүйнөдө отуз экинчи орунда турат.

2 – Европалыктардан биринчилерден болуп, миладий он бешинчи кылымда жашап өткөн партугалиялык изилдөөчү Жон Алфонсо Дамизи Нигерияны ачкан. Кийин изилдөөчүлөрдүн катарына европалык соодагерлердин катары уланып кетти. Бул соодагерлер 1450-жылдан 1897-

жылга чейин Нигериянын Лагос портунан жети миллиондун тегерегиндеги африкалыкты Европа жана Америкада акысыз иштетүү үчүн жүктөп кетишкен.

1885-жылы Британия өкмөтү Африканын батыш регионун өз өкүмдарлыгына моюн сунган регионго айланганын жарыя кылды, ушуну менен бул нерсе эл аралык коомчулук тарабынан тан алынды. Кийинки жылы Нигерия регионун сэр Жорж Томбман Жулдинин командачылыгы тарабынан «Нагр» аттуу мүлкчүлүк компаниясы башкара турганы жарыя кылынды. 1900-жылы болсо, бул компания башкарып жаткан регион Британия өкмөтүнүн таасири астына өткөнү жарыяланды.

1900–1904-жылдар аралыгында Британия бардык регионду өз өкүмдарлыгы астына алууга жетишип, ал жердеги Исламий башкарууну бүтүндөй жок кылгандан кийин, бул региондор Нигерия деп атала турган болду.

3 – Нигерия бул аты 1914-жылдан тартып гана таанылды. Ошондо Британия, түштүктөн Гвинея булуңу, түндүктөн Чаддын Сахрои Кабири жана Нигер мамлекети менен батыштан Бенин, чыгыштан болсо Чад жана Камерун мамлекеттери ортосунда жайгашкан ушул регионду Нигерия, деп атады. Мындан мурун ал Нигериянын үч регионун – түндүк, түштүк региондорун жана Лагос шаарларын колония кылып алган болчу.

Британия Нигерияны түрдүү ыкмада башкарды. Мисалы, анын түштүгүндө жана Лагосто англис башкаруучуларынын башкаруусуна таклид кылып (көчүрүп, окшоштуруп), таклидий колонизатордук ыкманы колдонду. Мындай башкарууга инсанпарвар (гумандуу, адамгерчиликтүү) миссионерлер ыраазы болуп келишкен эле.

Анын түндүгүндө болсо, ал жердеги Исламдын күчтүүлүгүн этибарга алып, Британия көзөмөлү астында мусулмандарды өздөрүн өзү башкарууларына коюп берди. Муну менен Британия түндүктөгү көпчүлүктү түзүүчү мусулмандарды түштүктөгү азчылыкты түзүүчү христиан жана

бутпарасттардан бөлүп коюуга жетишти. Максат, Исламды Нигериянын түштүгүнө жайылып кетишинин алдын алып, узак жылдар бою Британиянын таасири астында бири-бирине душман жарандардан түзүлгөн бытыранды мамлекетти пайда кылуу болчу.

Британия Нигерияны колония кылуу доорунда эки башкаруу рычагын ишке салды: Биринчиси, «Шелл» нефть компаниясы. Бул компания кыска доор ичинде Нигериянын нефтиге бай жерлерине өкүмдар болуп алып, бүгүнкү күнгө чейин Нигерия иштеп чыгарган нефтинин 40-50%ына ээлик кылууда. Экинчиси, миссионердик аракеттер. Бул аракеттер Нигериянын кырк пайызга жакын калкын христиандаштырууга жетишти.

4 – Бүгүнкү күндө Нигерия калкынын саны жагынан сегиз чоң мусулман мамлекеттердин бири жана Исламий конференция уюмунун мүчөсү. Британия 1963-жылы бул мамлекетти Британия шериктештигине мүчө кылып алды. Бирок, ушулардын баарына карабастан, бул мамлекет бытыранды, жакыр, эч кандай кадыр-баркы жок мамлекет болуп турат. Ал жерде 250 түрдүү уруу бар. Бул уруулар негизинен төрт чоң уруулардан турат: Түндүк жана борбордук бөлүгүндө көпчүлүгү мусулмандардан турган, өлкөнүн жарымынан көп калкын түзүүчү Хавсо жана Фулон уруулары; Түштүк-батыш жана борбордук бөлүгүндө көпчүлүгү христиан жана азчылыгы мусулмандардан турган Юруба уруусу; Түштүк-чыгыш жана борбордук бөлүгүндө болсо, көпчүлүгү христиан католиктерден турган Айбо уруусу болуп, алар Нигерия калкынын 18%ын түзүшөт. Алар өздөрүн биз Нигериянын жөөттөрүбүз, дешет жана өлкө байлыктары, анын ичинен нефтб байлыгы алардын колу астында.

5 – 1922-жылы Улуттар Союзу колония кылынган Нигерия мамлекетинин башкаруу укугун Британияга берүү жөнүндө токтом чыгарды. 1960\10\1 болсо, Британия мурун өз колониясындагы башка мамлекеттерге бергендей, Нигерияга да атына эле эгемендүүлүк берүүгө мажбур болду. Себеби, ал Атлантика артынан көзүн алайтып, үлкөн Африка

континентиндеги байлыктарга шилекейин агызып карап турган Американын таасиринен этият болгону үчүн ушундай кылды.

Нигерия Британиядан эгемендүү болуп алгандан кийин, Британия башкарууну англистерден колонизатордук таасирин алган жана материалдык жактан камсыздалган азчылык христиан айболорго тапшырды. Өлкөнүн эгемендүүлүгүнөн кийин, биринчи өкүмдары Бинямин Намди Озикви болду. Кийин ал келип чыгышы дал ошол азчылык Айбо уруусунан болгон генерал Жонсон Огили Эронсинин колу менен 1966-жылы иштен алынды. Бул экинчи өкүмдар салтанатты жалгыз өз колуна өткөрүп алууга урунуп, аны Айбо уруусуна монополия кылып, мусулмандардан турган Хавсо уруусуна таандык болгон оппозициядагы кызматкерлердин өмүрүнө кол салууларды уюштурду. Кол салуулардын курмандары – Абубакр, түндүк бөлүктүн дипломатия жетекчиси Ахмад Баллу, генерал Закария Маймаларий, полковник Кур Мухаммад жана башкалар. Андан кийин Жонсон ошол жылдын май айында мамлекетте өз өкүмдарлыгын бекембеп алуу максатында федералдык башкаруу программасын бекер кылды.

Бирок, алты ай өтпөстөн анын өмүрүнө да кол салынды... 1967-жылы Айбо уруусунун командачылары козголоң көтөрүп, полковник Чикимуко Удимижо нефтиге бай болгон, Айбо уруусунун негизги мекени эсептелген Бияфро вилаятын (областын) мамлекеттен бөлүнүп чыкканын жарыя кылгандан кийин, граждандык согуш келип чыкты. Үч жылга созулуп, бир миллион нигериялыктын өмүрүн алган бул согушта Хавсо уруусунун мусулмандары Айбо уруусунун христиандары үстүнөн жеңишке жетишти...

6 – Ушул аскерий төңкөрүштөргө Убасанго «Obasanjo» жетекчилик кылды. Ал 1976\2\13 өкмөттү өз колуна алып, 1979\10\1 чейин өкүмдарлык кылды. Ал Юруба уруусунан болгон, Хавсо уруусуна жакынырак христиан эле. Анын өкмөткө келиши Хавсо уруусунун мусулмандарынын жетекчилигиндеги армия командачыларынын ыраазылыгы менен болду.

Убасанго өзүнүн өкүмдарлык доорунда 1978-жылы президенттик шайлоону өткөрүүгө уруксат берүүчү жаңы мамлекеттик программаны иштеп чыкты. 1979-жылы болсо, Нигерияда биринчи жолу президенттик шайлоо болуп өтүп, шайлоодо Хавсо уруусунан Чихо Чигари жеңип чыкты.

Нигериядагы төңкөрүштөр өкмөткө 1985-жылы Хавсо уруусунан чыккан генерал Иброхим Бабанжида келгенге чейин улантылды.

1990-жылы Бабажиндага каршы төңкөрүш уюштурууга аракеттер болду, бирок бул урунуу ийгиликсиз аяктады. Андан кийин Бабажинда Нигерияны жарандык башкарууга кайтаруу жөнүндөгү жаңы мыйзамга кол койду.

1993-жылы Америка жана башка мамлекеттердин басымы астында экинчи президенттик шайлоо өткөрүлдү жана анда Юруба уруусунан мусулман Масъуд Абюло жеңип чыкты. Бабажинда болсо, бул шайлоону бекер кылып, Масъудду камакка алды. Бирок, Бабажинда ички жана чет элдик басымдар астында калып, өкмөттөн кетүүгө мажбур болду. Өкмөттү же аскерий болбогон, же армиянын колдоп-кубаттоосуна ээ болбогон Оранст Чункан, деген адамга тапшырды. Ошол жылдын 17-ноябрында кошуун сабында күчтүү адам катары эсептелген, Хавсо уруусунун чыккан коргоо министри Сани Абаша (Sani Abaha) төңкөрүш уюштуруп, Чункан өкмөтүн жок кылды.

1998-жылы көп талапкердүү президенттик шайлоо өткөрүү жарыяланды. Бирок, бул шайлоо болуп өтүшүнөн мурун президент Сани Абаша дүйнөдөн кайтты. Анын ордуна тарапкерлердин бири, Хавсо уруусунан болгон аскер Абдусалам Абубакр президенттикке отурду. Ушуну менен өкмөттө отуз жылга жакын созулган аскерийлердин башкаруу доору аягына жетти.

1999-жылы табигый түрдө шайлоолор болуп өтүп, анда Убасанго эч кандай каршылыксыз үстөм болуп, 1999\5\29дан 2007\5\29га чейин эки жолу президенттик доорун сүрдү. Ал президенттик доорунда толук америкапарасттыгын жана мусулмандарга ачык душмандыгын көрсөттү...

Кийин, 2007-жылы президенттик шайлоо өткөрүлүп, анда Умар Яръавда «Yar Adua» жеңишке жетип, ал бүгүнкү күнгө чейин Нигерияны башкарып келип жатат.

**Нигериянын саясий вакыйы**

1 – Нигериянын нефть байлыгы алдында улуу мамлекеттер, өзгөчө Британия менен Америка мамлекеттери ушул нефть үчүн бири-бири менен катуу күрөш алып бара турган мамлекеттерге айланып калышты. Себеби, Нигерия дүйнөдө нефть иштеп чыгаруучу мамлекеттер арасында он экинчи, нефть экспорттоочу мамлекеттер ичинде сегизинчи, нефть запасына ээ мамлекеттер ичинде онунчу орунду ээлейт. Бул мамлекеттин нефть запасынын көлөмү Америка энергетика маалымат агенттиги тарабынан 16-22 миллиард баррель ортосунда, деп белгиленген. Ал эми, башка бир документте айтылышынча, Нигериянын нефть запасы 35,3 миллиард баррелге жетет. 2001-жылы бир күндө нефть иштеп чыгаруу 2,2 миллион баррелге жетти. Акыйкатта болсо, бул мамлекет нефтини күнүнө 3 миллион баррель иштеп чыгаруу кубатына ээ. Чындыгында, нефть казып алуу бул мамлекеттин экономикасында маанилүү ролду ойнойт. Себеби, нефтиден алынган пайда өкмөттүн жалпы кирешесинин 40-80%ын түзөт. Нигерия нефть экспорт кылуучу мамлекеттердин «ОПЕК» уюмуна мүчө. Нигер-дельта вилаятынын нефть регионунун узундугу 20,000 кв.км.ге тең, ал жердеги нефть адамдардын экономикалык жана саясий турмушунда чоң мааниге ээ. Нигериянын топурагы жумшак, тропикалык жер болуп, баткактар, суулуу жерлер, каналдар жана көптөгөн жээк аралдарга бай. Мындан улам, Нигерия экспорт кыла турган нефтинин 90%ы мына ушул жерлерден алынат. Ошону менен бирге, Нигерия нефть запасынын үч эсесине тең келген газ запасына да ээ мамлекет. Соңку күндөрдө ал жердеги газдын көлөмү 4 триллион кубометрди түзүшү айтылууда.

Нигерия табигый ресурстар жана кендерге, анын ичинен табигый газ, көмүр, алюмин боксиди, алтын, калай, темир, акиташ жана цинк сыяктуу

кендерге да бай мамлекет. Ал эми, газ запасынын көлөмүнө тең келүүчү бул кендерди казып алуу жакында башталат.

2 – Нигерия нефтиси 1950-жылы Британия тарабынан ачылып, Голландиянын Британияга караштуу «Шелл» компаниясы мамлекеттин саясий, экономикалык жана чет элдик иштерине өкүмдарлык кылат. Нигерия Британиядан эгемендүү болгондон кийин анын байма-бай өзгөрүп туруучу өкмөттөрү өз жарандарынын зыянына, «Шелл» кампаниясы пайдасына кызмат кылуучу мыйзам жана саясаттарды иштеп чыга турган болуп калды. Мисал үчүн, Нигер-дельта вилаятынын жарандарынын жерлери абдан чоң байлыкка ээ болушуна карабастан, өтө жакыр турмуш көрүшөт. Эл аралык амнистия уюмнунун отчётуна ылайык, 6 миллион Нигер-дельта вилаяты калкынын 70%ы күнүнө бир доллардан кем каражатка жашашууда.

Нигерия нефтисин талашуучу мамлекеттердин шилекейлери агышынын себеби – бул нефтинин абдан таза жана тазалоо иштеринин аз чыгаша жумшалышында. Нигерия нефть министрлигинин статистикасына ылайык, мамлекетте 159 нефтиге бай регион, 1481 нефть кудуктары бар.

Анын эң көп нефть иштеп чыгара турган жерлери негизинен Нигер-дельта вилаятында жайгашып, 159 нефтиге бай жерлердин 78и ошол вилаятта жайгашкан. «Шелл» нефть компаниясы болсо, Нигерия иштеп чыгарган нефтинин 40-50% акциясына ээлик кылат т.а. күнүнө 899,000 баррель нефть иштеп чыгарат. Бул компания Нигерияда 100 нефть регионуна, 87 нефть куюучу станция түтүктөрүнүн 600 километрине, жээкте нефть жүктөй турган эки станцияга ээлик кылат жана анын төрт ири филиалдары бар:

1) «SRDC»  нефтини өркүндөтүү компаниясы;

2) «SNERCO» нефть казып алуу жана иштеп чыгаруу компаниясы;

3) «SNG» Нигерия газ компаниясы;

4) «SNOR» нефть иштеп чыгаруу компаниясы.

О.э. «Шелл» компаниясы Нигериянын табигый суюк газ компаниясынын акцияларынын чоң бөлүгүнө да ээ.

3 – Британия Нигерияда президент Сани Абашанын (Sani Abaha) башкаруусуна чейин, негизги өкүмдарлык милдетин өтөгөндүгү жана Нигерия иштеп чыгарган нефтини башкарууда чоң салмакка ээлигин о.э. иштелип чыккан нефтинин 10%ын Британия импорт кылып алышын ээтибарга алганда, Британия бул өлкөдө коопсуз туруктуу орношуп алган. Айрыкча, Нигериянын аскерий башкаруу доорунда Британиянын таасири чоң болду. Президент Иброхим Бабанжида болсо, 1985-жылы Британиянын кызыкчылыктарын кепилдөө үчүн «Шелл» компаниясы менен өз ара келишим меморандумуна кол койду. Ушул меморандум 1991-жылы дагы англистердин пайдасы үчүн бир нече өзгөртүүлөр киргизилиши менен аякталды.

4 – Бирок, 1999-жылы т.а. Убасингунун президенттик доорунда нефть тармагына Американын кирип келиши Британия компанияларынын жеке акимдигине чек койду. Т.а. Америка Британиянын Нигерия нефтисиндеги жалгыз өкүмдарлык тизгинин тартып коюу үчүн эки ыкманы колдонду:

Биринчи ыкма: Америка Нигер-дельта вилаятындагы козголоңчуларды жана партияларды Эл Аралык Валюта Фонду аркылуу колдоп-кубаттап, «структура жана модуляциялоо планы», деген чүмбөт менен аларга карыздарды берип, куралдандырды. Бул болсо, өз кезегинде, «Шелл» компаниясынын нефть экспорт кылышына тоскоолдук кылды. Мунун үстүнө, Американын Нигерияда нефть тармагына инвестиция жаткырышынын көлөмү көбөйгөндүктөн «Уксон Мобел» жана «Шеврон» сыяктуу нефть компанияларынын саны көбөйүп кетти. Бул компаниялардын нефть иштеп чыгаруу көлөмү 2000-жылдын өзүндө эле күнүнө 900,000 баррелге жетип, 2005-жылы «Шелл» компаниясы иштеп чыгарган нефть көлөмүнөн өтүп кетти. Америка менен Британиянын Нигерия нефтисинин үстүндөгү күрөштөрү Нигер-дельта вилаятынын калкына бактысыз күндөрдү алып

келди. Мисалы, бул эки нефть компаниялары атайын коопсуздук тармагынын жалданма агенттери аркылуу бири-биринин нефть имараттарына чабуулдар уюштурушту.

Ошону менен бирге, Америка нефть компаниялары Билл Клинтон доорунда колдонулган саясаттардан да катуураак саясаттарды колдонуу үчүн Нигерияда кичи Буш жетекчилигиндеги Дик Чейни, Кондализа Райс жана Рамсфельд сыяктуу паскеч кимселерден пайдаланды. Чындыгында, Нигерия нефтисин көздөө америкалыктардын калоосуна ылайык келет эле. Себеби, Нигерия нефтисин өздөштүрүүнү максат кылуу америкалыктардын калоолоруна туура келчү. Себеби, мына ушул калоо Американын Ортоңку Чыгыш нефтисине болгон ишенимин суздаштырып койду. Ушул нерсе Америка нефть компанияларын бардык күчтөрүн Нигерия нефтисин өздөштүрүп алуу үчүн жумшоого үндөдү.

Буш жетекчилигинин Америка энергетикасы министрлиги чыгарган негизги документте мындай делет: «Африка батышындагы нефть Американын экспорттоочу нефтилери үчүн тынч булак болуп эсептелет». Дик Чейни Бушка жолдогон сунуштардын биринде, мындай сөздөр айтылат: «Американын газ, нефть соодасында жана инфестициясында өз мүмкүнчүлүктөрүн бекемдеп алышы үчүн Африка өкмөттөрү менен бир тараптуу жана эки тараптуу мамилелерди тереңдетүү керек». Мындай саясат жөнүндө Буштун 2005-жылы федералдык жыйында айткан мына бул сөздөрү анын Ортоңку Чыгыш нефтисинен көрө жакшыраак нефтини көздөп жатканын ачып койду: «2005-жылы Ортоңку Чыгыш нефтисинен ала турган пайдабызды 75%га азайтырышыбыз ал жердеги нефтиге болгон ишеничибизди өтмүшкө айландырды». Т.а. эми Америка Африканын батышын, анығыраак кылып айтканда Нигерияны болжолго алып жатат. Нигериянын нефть экспортунун көлөмү да аста секин жогорулап, өзгөчө Америка тарапка бурулуп калды. 2007-жылдын март айында Нигерия Америкага нефть экспорттоо тармагында Саудия Арабстан Королдугунан да

өтүп, Америкага нефть экспорттоочу мамлекеттердин үчүнчүсүнө айланып калды. Т.а. Саудия Америкага 38,557,000 баррель нефть экспорт кылып жаткан болсо, Нигерия Америкага 41,717,000 баррель экспорт кылууда. Бул дагы ушуну түшүндүрөт дейсиң, Нигериянын нефть энергиясы АКШнын тышкы саясатынын биринчи даражадагы маселелеринин бири. 2006-жылы Америка тышкы иштер министринин батыш Африка боюнча орунбасары Жиндия Фрезер  Американын Гвинея булуңундагы таасирин күчөтүүгө чакырды.

Экинчи ыкма: Америка, өзгөчө мурунку президент Клинтон доорунда да, андан кийинки экс президент Жорж Буштун доорунда да Африкага тезирээк жылжып кирүүгө шашылды. Ал Нигерияга басым өткөрүүгө жетишип, ал жерде эле эмес, балким бүткүл Африкада аскерий бакшаруу түзүмүнө каршы коомчулук пикирин козгоо аркылуу Нигерияны көп талапкердүү шайлоо өткөрүүгө кызыктырды. Американын бул ыкмасы болсо, Британия менен Франциянын Африкадагы таасирлерине каршы күрөштө таасирдүү ыкма болду.

Ошентип, Америка бардык көңүлүн жарандык башкарууга карай каратты жана көп талапкердүү шайлоо идеясын колдоп-кубаттоо менен бирге, шайлоого аскерий болбогон талапкерлерди күч менен коргоп турду. Натыйжада, ушул шайлоолор аркылуу өзүнө көз каранды болгон же өзүнө жардам берүүчү акимдерди тандап алды.

Чындыгында да, бул нерсе иш жүзүндө өз тастыгын тапты. Мисалы, Америка Британияга моюн сунган, айрыкча Иброхим Бабанжида жана Сани Абаша сыяктуу аскерийлерге каршы Убасангону күч менен колдоп турду. Бабанжида жана Абаша болсо Британия кызыкчылыктарын коргоп келишти. Бабанжиданын «Шелл» компаниясы менен өз ара келишим меморандумуна кол койгону о.э. Абаша доорунда британияпараст коргоо кызматынын Америка кызыкчылыктарына каршы Британия кызыкчылыктарын коргогондугу буга мисал болот. Ал тургай, Британия пайдаларын Нигерияда

эле эмес, балким коңшулаш мамлекеттерде да коргоду. Нигерия батыш Африкадагы мамлекеттердин «Алаквос» уюмуна жетекчилик кылды жана бул уюмдун негизги аскерий кубаты нигериялыктардан түзүлгөн эле. Бул уюм аркылуу Британиянын региондогу таасирин сактап турду. Мына ушул күчтөр өткөн кылымдын токсонунчу жылдары, Сани Абаша доорунда Алаквос уюмунун аты менен Сьерра-Леонеде 1998-жылы Ахмад Тийжанды бийликке алып келди. Британия Ахмаддын өкмөткө кайтышын ачыктан-ачык талап кылып келе жаткан болчу. Кийин бул күчтөр Либерияда узакка созулган граждандык согуштан кийин, 1997-жылы Чарльз Тайлор өкмөтүнүн түзүлүшүнө жардам берди. Нигерия мына ушул иштери менен Сьерра-Леоне жана Либерияда англистердин таасирин сактап турду. Кээ бир маалыматтарга ылайык, Нигерия бул эки мамлекетте «тынчтык орнотуу» деп аталган ишке 10 миллиард доллар сарптаган. Ошол кезде Американын башкы штаб башчысы болуп иштеген Колен Пауэль Сани Абашаны «жийиркенчтүү эргежээл», деген лакап менен атачу. Абашаны мындай аташынын себеби, ал Пауэлдин Африка батышында түзгөн Америка долбоорлорун кыйратып, Британия пайдасына иш кылгандыктан андан катуу кыжырдангандыгы болду. Бул орунда ушуну айтып өтүү керек, Америка Либерияга жасаган басымы, үгүттөөсү жана блокадасы жардамында Либерияда Чарльз Тайлорду кулатып, ордуна анын орунбасары Мусис Билахти дайындоого жетишти. Чарльз болсо 2003-жылы өз өлкөсүн таштап Нигерияга кетти. Ал өзүн Американын Африкадагы, айрыкча Либериядагы ачкөздүгүнө каршы күрөшүүчү, деп айтчу.

Америка 1999-жылы Нигерияда көп талапкердүү шайлоо өткөрүп, анда Убасангонун жеңишке жетишине жана аны финансылык жактан колдоп-кубаттап турууга жетишти. Нигерия ошол кезде Америкадан жардам алуучу мамлекеттердин эң алдыңкы сабында туруп, аскерий башкаруу доорунда жыл сайын ала турган 10 миллион доллар жардамы Убасангонун доорунда 40 миллионго жетти. Убасанго болсо бул жардамдардын акысына Америкага

ушундай чоң кызматтар кылып берди дейсиң, Нигериянын бир да президенти мындай кызматтарды жасабаган эле. Бул кызматтардын маанилүүлөрү төмөндөгүлөр болду:

а) Эл аралык терроризмге каршы күрөш чүмбөтү астында Америка деңиз күчтөрү менен Нигерия деңиз күчтөрү ортосунда өз ара аскерий машыгуулар өткөрүү;

б) Американын негизги көңүл борборундагы маселе ушул эле, Американын керектөөсүнүн 29%ы Нигерия нефтисинен келет, деп, Нигерия менен «Шевролин», «Ткасаско» жана «Изомобайл» сыяктуу Америка компаниялары ортосунда нефть издөө үчүн жаңы келишимдерге кол коюлушу керек эле. Убасанго Нигерия парламент депутаттарынын катуу каршылыктарына карабастан, мына ушул келишимге кол койду.

Ошентип, Америка эки ыкмадан пайдаланууга жетишти, анын ичинен Нигерия оппозициясына жардам берүү, мамлекетте жарандык башкарууга өтүп, көп талапкердүү шайлоо өткөрүү идеяларын колдоо ыкмалары. Муну менен ал Британиянын нефть компаниялары менен атаандашып, алардан өтүп кетти.

5 – Америка мындан тышкары, 1999-жылы аскерий башкаруу доорун аягына жеткирүү жана Убасангону өкмөткө алып келүү аркылуу саясий, аскерий жактан өкүмдар болуп алууга жетишти. Убасанго Америка деңиз күчтөрү менен Нигерия деңиз күчтөрү ортосунда өз ара аскерий машыгуулар өткөргөндөн тышкары Нигерия армиясы менен да машыгуулар өткөрүүгө америкалыктар менен келишим түздү. Ал 2001-жылы Америкага жасаган сапары аркылуу Америка-Нигерия ортосундагы алгачкы жолу өз ара жардам пайдубалын бекемдеди. Убасанго бул жолдо алып барып жаткан саясатында, айрыкча Америка деңиз күчтөрүнүн Нигерия сууларына кирип алышына мүмкүнчүлүк жаратып бергенине каршы болуп жаткан катуу ички сындоолорго да көңүл бурбады. Себеби, ал америкалыктар менен кызуу

мамилелерди орнотуп, бир нече Америка уюмдарынын мүчөсүнө айланып калган эле.

Убасангонун президенттик доорунда Эл Аралык Банк уруксатын алууга токтом кабыл алынышынан мурун Нигериянын мамлекет бюджетин карап чыгуу үчүн Вашингтон жибериле турган болуп калды. Акыйкатта болсо, мурун бул токтом Нигерия мыйзам чыгаруу палатасы тарабынан кабыл алынчу.

Тыянак чыгарып айтканда, Убасанго Британиянын Нигерия аскерий мекемелериндеги таасирин күчсүздөндүрүүдө чоң ийгиликтерге жетишти. Ал өзүнүн башкаруу доорунда англистерге көз каранды генералдарга караштуу түндүк командачылардын эки жүз офицерин отставкага чыгарып жиберди. Иш ушундай бир абалга жетти дейсиң, адам укуктары боюнча адвокат Фими Фалана 2002\2\30да Асхад Тохо менен бирге ал-Жазира телеканалынын көрсөтүүлөрүнүн бiринде «бүгүн (т.а. Убасанго доорунда) Нигерия Америкага колония болуп калды», деди.

Убасанго Американын саясатын аткаруу менен эле чектелбеди, балким мурунку англиспараст генералдарды кысымга алып, алардын мамлекеттен уурдаган мал-мүлктөрүн тартып алууга, аларды өкмөт тарабынан берилип жаткан компенсациялардан куру жалак калтырууга киришти. Мисалы, ал мурунку президент Сани Абаша мамлекеттен уурдап, Британиянын жыйырма үч банкына жайгаштырып алган 1,3 миллиард долларды кайтарып алуу үчүн өлүп-тирилип аракет кылды. Бирок, Британия анын талабын четке какты...

Дагы айтып кетчү нерсе, Убасанго төмөндөгү америкача түшүнүктөрдөн да таасирленип калды:

Жарандык башкаруу түшүнүгү. Убасанго 1976-жылы аскерий төңкөрүш аркылуу биринчи жолу өкмөткө келгенде жарандык башкарууга өттү жана кийинчерээк ушул башкарууну 1979-жылы өзү өткөргөн кийинки президенттик шайлоодо жеңишке жеткен Шиху Шажариге тапшырды;

Америка менен жакшы алакаларды орнотуу түшүнүгү. Убасанго доорунда Нигерияга Американын үч президенти сапар жасады: 1978-жылы анын биринчи аскерий башкаруу доорунда президент Картер келди;

Кийинки жарандык башкаруу доорунда эки президент, анын ичинен 2000-жылы августта Клинтон жана 2003-жылы Буш сапар кылды.

6 – Убасангонун бийликте 2007-жылга чейин, эки жолу сегиз жыл президенттик кылгандан кийин анын ордун, соңку өткөрүлгөн президенттик шайлоодо жеңип чыккан азыркы президент Умар Яръавда «Yar Adua» ээледи. Ал бийликке келген экинчи аскерий эмес президент болду. Америка болсо, Убасангону да, ал калтырган жаңы президентти да Нигерияны Америка кызыкчылыктары менен байлоо жана ал жерде Америка таасиринин сакталып калышын кепилдөө сыяктуу Убасанго баштап берген иштерди дагы да өркүндөтүү үчүн колдоп-кубаттап турду. «Аш-Шаркул Авсат» гезити өзүнүн кабарчысы Мухаммад ад-Дангонун мына бул сөзүн басып чыкты: «Жаңы президент түшүнүксүз адам. Ал бардык ишти мурунку президет Убасангонун пайдасына бири-бирине колмо-кол тапшырып жаткан кимселердин тобунан». Себеби, айрымдардын айтымына караганда, Умар Яръавда Убасангонун колундагы, башкача айтанда Американын колундагы куурчак. Мындан тышкары, ал дал ошол Убосангонун элдик демократиялык партиясынан.

Умар Яръавда мурунку президенттерге окшоп өзүнүн жеке күчүнөн пайдалана турган президент болбогонун этибарга алганда, анын Америкага жан тартуусу Убасангодой күчтүү эмес. Азыр Нигерияда англис аскерийлердин таасири күчтүү болуп калды. Умар Яръавда да муну түшүнүп жатат. Ошондуктан, ал мурунку президенттерге ээрчип Америка тарапта аракет кылып жатканда, Британияга да жакындашууга урунуп жатат.

Ошондой болсо да, 2007-жылдын декабрында т.а. өкмөттү кабыл алгандан көп убакыт өтпөстөн, АКШга сапар тартып, Буш менен жолугушту.

О.э. 2008-жылы июлда Британияга да барып, Браун менен жолугушту. Мындан мурун Ливияга да барган болчу.

7 – Демек, азыр Нигериядагы саясий күрөш – Сани Абаша дооруна чейин созулган, Британия таасири күчтүү болгон аскерий башкаруу саясатындай саясат эмес. Ошону менен бирге, азыркы саясий күрөш Убасангонун мурунку эки доорундагыдай, таразанын салмагы Американын пайдасына оор болгон саясий күрөш да эмес. Балким, бүгүнкү күндөгү саясий күрөш өзүнүн кызуу доорунда турат:

Бир жактан алганда, Америка ар кандай президентти бийликке алып келип, демократия жана жарандык башкаруу, деген түшүнүктөр менен колдоп-кубаттап турчу. Бирок, бул президент – шахсияты туруксуз президент...

Ал эми, экинчи жактан алганда болсо, азыр Нигерия армиясынын тараза салмагы англис аскерийлер тарапка оор болуп жатат. Мындай күрөштө талаша турган негизги «олжо» нефть президенти көрүнүшүндөгү «олжо» болуп эсептелет. Нигериянын Африка батышында ээлеген орду болсо кийинки «олжо».

Жогорудагы президент Америка тарабынан ушунчалык колдоп-кубатталып жатканына карабастан, англистерге моюн сунган аскерийлер дал ошол мурунку доордо болгондой, дагы өкмөткө кайтып, жайгашып алышууда.

**17-роббиул-аввал, 1430-х.**

**13-март, 2009-м.**

## «Боко Харам» жамааты,
## Нигериядагы Исламга каршы чектен чыккан күрөштөр жана буга карата эл аралык факторлор

1. «Боко Харам» – Нигериядагы исламий жамаат. Ал Нигериянын түндүк-чыгышындагы Бурну провинциясынын борбору Майдугуриде 2002-жылы мусулман аалым Мухаммад Юсуф тарабынан түзүлгөн. Кийинчерээк

бир нече түндүк провинцияларда жайыла баштаган. Изилдөөлөрдүн биринде Мухаммад Юсуфка салафий деп баа берилип, ал Ибн Таймиядан катуу таасирленгендердин бири делет. Ал илимди факих жана Куръани Карим мугалими болгон өзүнүн атасынан алганы айтылат. Белгилүү болгондой, калыс инсан болгон Мухаммад Юсуф Исламга моюн сунууну каалаган. Натыйжада, ал адамдарды өзүнө тартуучу адамга айланды жана Нигериянын көптөгөн провинцияларында тарапкерлери пайда болду, анын даъваты бүткүл өлкөгө жайылды. Акыбетте, Нигериядагы илманий режим анын даъватынан коркунучун көрө баштады.

Мухаммад Юсуфту жана анын тарапкерлерин үйрөнүүнүн натыйжасында ушул нерсе айкын болот, Мухаммад Юсуф да, анын тарапкерлери да хауса тилинде «Батыш таалимин үйрөнүү арам» деген маанини туюнтуучу «Боко Харам» атын өздөрүнө да, жамаатына да койгон эмес. Тескерисинче, бул ысым алар Батыш таалимин үйрөнүү арамдыгы туурасында айткандыктан, аларга башкалар тарабынан коюлган. Алардын айрымдары жамаатыбыздын аты «Ахли сунна вал жамаа» деген болсо, айрымдары «Ахли суннанын даъват жана жихад кыймылы» дешет. Дагы айрымдар болсо, аны «Мухаммад агатаалиминин тарапкерлери» деп да атайт. Саясий булактар жана маалымат каражаттары аларды «Боко Харам» жамааты деп атайт. Бул жамааттагылар Исламды үйрөнүүнү, аны колдонууну талап кылышат, өлкөдөгү бузгунчулукка жана бузукулукка каршы күрөшөт. Чындыгында, Мухаммад Юсуф жана анын тарапкерлеринин таасири өлкөнүн түндүгүндөгү көптөгөн провинцияларды камтыды, натыйжада мурунку президент Обасанжо кубаттуу турган кезинде алар коопсуздук соккулары себептүү жашыруун иш алып барууга мажбур болушту. 2006-жылы ал жана анын тарапкерлери Нигерияда илманий режимге күчтүү каршы чыгышып, бүткүл өлкө бойлоп Исламды колдонууну талап кылышты. Булардан Мухаммад Юсуф зомбулукка жана курал иштетүүгө чакырбаганы, муну даъватты жеткирүүдө каражат кылып албаганы, тескерисинче, даъват тынч

жол менен болушун баса белгилеп келгени айкын болот. Буга анын камакка алынганынын жана зомбулук аракеттерин жасагандыгы же ушуга чакыргандыгы туурасында жетиштүү далилдер жок болгондуктан эркиндикке чыгарылганынын өзү далил. Аныгы, адамдар анын даъватын кабыл алышып, бул даъватка ачык-ашкере кошулушту. Ал адамдарга сабак берип келген, анын пикирлерине каршы чыккандарды кафир деп эсептеген эмес. Ал: «Мен Ислам башкаруусу Нигерияда, мүмкүнчүлүк болсо, бүткүл дүйнөдө тургузулушу, бирок, диалог жолу менен тикелениши керек деген ишенимдемин», - дечү.

Булардан анын аракети алгач тынч жолдо болгону көрүнүп турат.

2. Социалдык жана экономикалык факторлор «Боко Харам» жамаатынын калыптанышына өз салымын кошту. Нигерияда жүз жылдай өкүмдарлык кылган Сокото Халифалыгы 1903-жылы Британиянын колу менен кулатылгандан соң, өлкөдөгү 150 миллион калктын 70%ын түзгөн, айрыкча, түндүк провинцияларда 90%ды түзгөн мусулмандар империализм жана Батыш сакафатына каршы күрөштү токтотушкан жок. Ошондуктан, биринин артынан бири пайда болгон тынч жолдогу жамаат жана уюмдардын максаты Батыштан келген бардык нерсеге тыюу салуудан турган. Кийин бул максат түндүктө Исламды күчөтүүгө жана шарият мыйзамдарын колдонууга чейин кеңейди.

Ислам Нигерияда көптөгөн кылымдар мурун тамыр жайган. Анткени, Ислам Нигериянын түндүгүндөгү Кану регионуна абдан эрте, миладий VII кылымдын ортолорунан тартып кирип келген. Ислам Нигериянын түндүк жана борбордук бөлүгүндөгү Хавса жана Фулани жерлеринде соода-сатык аркылуу жайылды. Ислам иш жүзүндө миладий X кылымдын ортолорунда андалустук факихтердин аракети менен тарады. Нигериядагы шаръий соттордо Маликий мазхабы кеңири жайылды. Мусулмандардын көпчүлүгү суннийлер. Миладий XIX кылымда Усман ибн Фуди аты менен таанылган

Усман Данфудио негиз салган Сокото Халифалыгы Нигериянын түндүгүндөгү мусулмандардын эсинде дагы эле сакталып келет.

Түндүк Нигериядагы исламий чөйрө түрдүү багыттагы исламий кыймылдарды жаратышы табигый эле. Нигериянын түндүк провинцияларындагы Исламга болгон талпынуу федерациялык мамлекеттеги арты-артынан алмашкан илманий бийликтерди он эки провинциянын өкмөттөрүнө исламий шарияттын айрым бөлүктөрүн – толугу менен колдонулбаса да – колдонууга уруксат берүүгө мажбур кылды.

Нигериянын түндүгүндөгү ушул исламий чөйрөдө 2002-жылы Боко Харам жамааты түзүлдү. Ага Мухаммад Юсуф жана шарият илимдерин үйрөнгөн бир топ студенттер негиз салышкан.

Бул кыймыл Батыш таалимине каршы кыймыл катары башталды. Кийинчерээк өнүгүп Исламды колдонуу үчүн иш алып бара турган кыймылга айланды. Бул кыймылдын расмий өкүлү Абу Абдуррахман 2011-жылы 21-июнда Британия радиокорпорациясына берген интервьюда мындай деди: «Кыймылыбыз Батыш таалимине каршы түзүлгөн эле. Азыр болсо, максаттарыбыздын көлөмү андан чоңураак. Биз түндүктөгү провинцияларда Исламий мамлекет тикеленишин талап кылып жатабыз. Бул мамлекет азыр түндүк провинциялардагы шарият чыныгы көрүнүштө колдонулбай жаткан демократиялык башкарууга окшобогон мамлекет болот». Жамааттын бул пикирин мусулмандар күчтөрү зор макулдоо менен күтүп алышты. 2004-жылы жамаат бүткүл Нигерия бойлоп Исламий мамлекетти тикелөөгө жана исламий шариятты колдонууга чакырды.

3. Бул жамааттагылардын аракети алгач – айтып өткөнүбүздөй – зомбулуктан алыс эле. Тескерисинче, диалог жана исламий пикирлерди тынч жол менен баян кылып алып барылган. Бирок, Нигериядагы илманий бийлик бул жамаатка карата төмөнкү жырткыч иштерге барды. Бул болсо, жамааттын тынч саясатына таасир кылды:

а - Бул жамааттагылар адамдарды Исламга даъват кылууда зомбулук жолун карманышпады, тескерисинче, Ислам пикирлерин баян кылуу, талкуу жана диалог жолун карманышты. Ушул себептен улам, түндүк региондордо бул жамааттын тарапкерлери саны барган сайын көбөйүп барды. Мына ушундан кийин илманий мамлекет адамдардын бул жамааттын тегерегинде барган сайын көбүрөөк биригип жатканынан жана Исламды колдонууга чакырып жаткандарынан коркуп калды. Ошондуктан, бийлик бул жамаатка карата жырткыч мамиледе болду. Бул, мусулмандар үчүн бир сокку болду. Айрыкча, алар телеканалдардан коопсуздук кызматкерлери жамааттын ондогон мүчөлөрүн карамүртөздүк менен өлтүрүп жатышканын көрүп кыжыры келишти. Мухаммад Юсуф колго алынгандан кийин кол-буту кишенделген абалда өлтүрүлгөндүгү жөнүндөгү кабар да Үммөт үчүн оор сокку болду.

Жамаатка каршы жырткыч жийиркенчтүү чабуул башталды жана Ислам жана мусулмандарга каршы кек-душмандыкка толгон таризде жамаат жетекчисинин өлтүрүлдү. Режим 2009-жылы июль айынын акырында жамааттын мекемесине чабуул жасап, массалык кыргын сыяктуу анын жүздөгөн мүчөлөрүн жырткычтык менен өлтүрдү. Себеби, өлтүрүлгөндөрдүн саны 700дөн ашып кетти жана 3500дөн көбүрөөк киши турак-жайлырын таштап көчүп кетүүгө мажбур болду. Коопсуздук кызматкерлери Мухаммад Юсуфту камакка алышты, бир нече сааттан кийин «ал качып кетүүгө аракет жасады» деп айтышып аны атып ташташты, ага карата чыгарылган өлтүрүү өкүмүн ушундай таризде ишке ашырышты. Бийликтин бул сөзүнө эч ким ишенген жок. Жада калса, мусулмандарга абдан кем учурда ынсаптык кылган «Хьюман райтс вотч» уюму да бул жийиркенчтүү иштерге каршы мындай наразылык билдирди: «Мухаммад Юсуф полициянын колунда турганда мыйзамсыз таризде өлтүрүлгөнү Нигериядагы полициянын мыйзам үстөмдүгү принцибин урматтабашын көрсөтүүчү бир коркунучтуу көрүнүш».

б - Нигериядагы мусулмандар көптөгөн жылдар бою саясий укукка да ээ болбой келишкен. 1999-жылдан 2007-жылга чейин президент болуп турган Американын адамы Обасанжо негиз салган Элдик демократиялык илманий партия «өз ара ыраазылык саясатын» жарыя кылган. Бул саясат боюнча бийлик көпчүлүктү түзгөн мусулмандар менен азчылыкты түзгөн насранийлер ортосунда кезек-кезеги менен алмашып турушу керек эле. Жонатан, а түгүл, көпчүлүк менен азчылыкты бири-бирине теңдештире турган мына ушул саясатты да бузду. Бул болсо, мусулмандардын кыжырын козгоду. Президент Умар Муса Ярадуа 2010-жылы төрт жылдык президенттик доорунда эки жыл өткөндөн кийин көз жумду. Ошол өз ара ыраазылык келишимине ылайык Нигерия президенти азыр мусулман киши болушу керек эле. Бирок, Элдик демократиялык партия насраний Гудлак Жонатандын талапкерлигин көрсөттү. Негизи, ошол келишимге ылайык мусулман кишинин талапкерлиги көрсөтүлүшү керек эле. Бирок, андай болгон жок. Табигый түрдө Жонатан шайлоодо жеңип чыкты. Анткени, Элдик демократиялык партия бийликте турганы үчүн шайлоону өзү өткөрүп ага таасир кылды. Мунун акыбетинде 2011-жылдагы шайлоодо кескиндик келип чыгып 800дөн көбүрөөк адамдын өлтүрүлүшүнө алып келди, алардын көбү мусулмандар болгон.

Булардын баары түндүктөгү провинцияларда Жонатанга болгон жек көрүүнү дагы да күчөттү. Мусулмандар наразылык демонстрацияларына чыгышты, бийлик бул демонстрацияларды жырткыч таризде бастырды, атайын коопсуздук күчтөрү 23 кишини атып өлтүрдү. Бул кыргын 2011-жылы 24-июлда Майдугури шаарынын борбордук базарындагы жарылуудан кийин жүз берди. Эл аралык амнистия уюмунун билдиришинче, атайын аскерий күчтөр шаар бойлоп базар өрттөлүшүнөн мурун эле жайгаштырылган. Бул атайын күчтөр айланага тартипсиз ок атып бир нече кишини өлтүргөн. Бул уюм президент Жонатандан адам укугу тебеленип жаткан бул мыйзамсыз кол салууларга чек коюуну жана мындай иштерде

армия жана полиция күчтөрүнө эрк бербөөнү талап кылды. Мындай жардырууларды уюштурууда режимдин колу бар экени анык көрүнүп турат. Бул режим өзүнүн белгилүү бир пландарын ишке ашыруу үчүн жана Америка пландарына кызмат кылуу үчүн түрдүү жомокторду жана жалган айыптоолорду ойлоп чыгарууда. Ушуну да айтып өтүү зарыл, жакында шайланып президент милдетин аткарып жаткан Жонатан башчы болгон Нигерия режими 2010-жылы 7-апрелде Америка менен ички коопсуздук, экономика, өнүгүү, саламаттыкты сактоо, демократия маселелери, адам укуктары о.э. регионалдык коопсуздук боюнча кызматташтыкка тиешелүү стратегиялык кызматташтык келишимине кол койгон.

4. Бул окуялардын баары: жамааттын Исламга болгон тынч даъватына каршы чабуулдар, бул жамаат жетекчиси камакка алынгандан кийин кек-душмандыкка толгон жырткычтык менен өлтүрүлгөнү, мусулмандар президент кезек-кезеги менен алмашып турушу жөнүндөгү келишимге аткарылбаганына нааразы болуп, зулумга каршы чыккан демонстацияларга карата чабуулдар… булардын баары жамааттын иш алып баруу тарыйкатынын өзгөрүшүнө алып келди. Айрыкча, коопсуздук күчтөрүнүн жамаатка каршы 2009-жылы июль айындагы айла-амалынан кийин ушундай болду. Мына ушул айлакердиктен кийин жамаат жетекчиси Мухаммад Юсуф 2009-жылы 30-июлда өлтүрүлдү.

Ошондон кийин маалымат каражаттарында айтылгандай төмөнкү бир катар маддий (материалдык) аракеттер ушул жамаатка карата айтылды:

– 2010-жылы сентябрда кыймылдын камакка ташталган жүздөгөн мүчөлөрү Майдугури камагынан азат кылынды.

– Парктагы чабуул да ушул жамаатка карата айтылган, бул паркта 2011-жылы 29-майда азыркы президент Гудлак Жонатандын инаугурация ырасымы болуп жаткан эле.

– Андан кийин бул жамаатка карата айтылган эң оор чабуул болду. Бул чабуул Нигерия борбору Абужада жүз берди. Ал 2011-жылы 26-августта БУУнун Абужадагы резиденциясына жасалган чабуул.

– 2011-жылы 24-декабрда болсо коопсуздук күчтөрү менен Боко Харам жамааты ортосунда кагылышуулар жүз бергени жарыя кылынды, бийлик булактары бул кагылышуулар Даматуру шаарында жүз бергенин билдирди. Бул булактар кошумчалап «биз үч аскерди жоготтук, Боко Харамдан болсо 50 кишини өлтүрдүк» деди.

– 2011-жылы 25-декабрда бул жамааттагылар Даматурудагы жана Абужадагы чиркөөнүн жанындагы жардырууларды жасады деп айтылды, жардам көрсөтүү иштери менен алектенүүчү бир булактын билдиришинче акыркы жардырууда 15 киши өлгөн.

– 2012-жылы 17-январда Нигериянын түндүк-чыгышында жайгашкан Набаланг кыштагында мусулмандардын мечиттерине чабуул жасалып, беш намазкөй өлтүрүлдү, төрт мечит өрттөлүп жиберилди…

Ошентип, мечиттер жана чиркөөлөргө карата чабуулдар жүз бергени, бул чабуулдардын акыбетинде өлгөндөр жана жарат алгандар бар экенин жөнүндө кабарлар тарады, чиркөөлөргө карата чабуулдарды Боко Харам жамааты уюштурду деп айтылган болсо, ал эми, мечиттерге карата чабуулдарды Исламга душман жамааттар жасады дебестен, бул жөнүндө ооз ачышпады.

Бул чабуулдар жөнүндө берилген билдирүүлөр режим башчысы Жонатандын бийлигине көз каранды тараптар ушул чабуулдарды камсыздап жатканын жана аларга ички согуш түсүн берип жатканын көрсөтүп турат. Максат, репрессияны дагы да күчөтүү жана эл аралык аралашууларды актоочу шылтоону пайда кылуу. Мисалы, Жонатан 2012-жылы 8-январь күнү интервьюда: «Нигерия учурда башынан өткөрүп жаткан зомбулук иштери мамлекет алтымышынчы жылдардагы жарандык согушта күбө болгон иштерден да жаман», - деди. Ал бул сөзү менен 1967-1970-жылдардагы

Биафра жарандык согушуна шилтеме кылды. Жонатан бул сөзү менен жарандык согуш чөйрөсүн жаратууда! Боко Харам жамаатынын жетекчиси Мухаммад Шикав ал-Жазира 2012-жылы 12-январда эфирге берген видеотасмада өзүнүн жамааты бекүнөө кишилерди өлтүрбөшүн жана эч кимге зулум кылбашын, өздөрүнө карата айтылып жаткан көптөгөн адам өлтүрүү аракеттеринин бул жамаатка таптакыр алакасы жок экенин айтты. Ал кошумчалап: «Нигериялыктарды бизден коркутуу үчүн масихийлерди да, мусулмандарды да өзүңөр өлтүрүп, кийин бул иштерге бизге оодарып жатасыңар!», - деди.

5. Ал жерде көптөгөн адамдар жана саясатчылар жана күзөтүүчүлөр бар, алар бул жардыруулардын артында Боко Харам кыймылы турганына күмөн менен карашууда. Себеби, бул жамаат жергиликтүү кыймыл болуп, ал мындай мүмкүнчүлүктөргө ээ эмес. Интернет беттеринде таралып жаткан жана жардыруу иштерин Боко Харам мүчөлөрү жасады деп айтылып жаткан билдирүүлөргө карабастан, бул жамаат андай мүмкүнчүлүктөргө ээ эмес. Мына ушул билдирүүлөрдө бул жардырууларды Боко Харам жамааты жасагандыгы ачык-айкын далилденбеген. Жада калса, БУУ резиденциясы жардырылганы жана мында жоопкердик Боко Харам жамаатына жүктөлгөнү жөнүндөгү акыркы жарыя да бир катар күмөндөрдү жаратты. Мисалы, француз маалымат агенттиги «AFP» БУУ резиденциясында жүз берген жардыруудан кийин 2011-жылы 28-августта мындай билдирүү чыгарды: «Бирок, баары этияттанууда, алар Нигериядагы абал орчундуу экенин этибарга алып, бул жерде башка варианттар бар экенин божомолдон алыс санашпайт, анткени, Нигерия Африкада калкы эң тыгыз жайгашкан мамлекет, Нигерия Африка континеттинде нефть казып алуу боюнча биринчи орунда турат, бул мамлекетте коррупция жана зомбулук бир нече он жылдан бери кеңири жайылган». Ошону менен бирге, бул агенттик экономикалык борбор Лагос полициясынын мурунку жооптуусу Абу Бакр Чафтын ушул сөздөрүн да көрсөтүп өттү: «2011-жылы 26-август жума күнкү

чабуулду Боко Харамга жабыштырууда, эгер бул жамаат чынында эле буга аралашкан болсо, анда бул жерде чет элдик аралашуу болгон. Муну ишке ашырган адамдардын Нигерияда өз кызыкчылыктары болушу мүмкүн, алар бул жардырууда өз ролун ойношту».

Ошондуктан, Нигериядагы көптөгөн жардыруулардын артында Жонатан режими менен кызматташтык кылып жаткан эл аралык күчтөр турган болушу божомолдон алыс эмес. Бул жардырууларды Боко Харамга оодаруудан максат «Нигерияны терроризмден коргоо» деп шылтоолоп, Нигерия менен коопсуздук келишимдерин түзүү үчүн аргумент табуу жана андан кийин Нигериянын нефть байлыктарына ээ болуп алуу.

Биз азыр гана бул жамаат жетекчиси өздөрүнө карата айтылып жаткан көптөгөн адам өлтүрүү иштеринин аларга таптакыр алакасы жоктугу жөнүндө айткан сөздөрүн көрсөтүп өттүк…

6. Мамлекеттин бул жамаатка каршы жырткыч кылмыштары жамаатты маддий иштер менен жооп берүүгө мажбур кылууда. Көп абалдарда мамлекет өзү жардырууларды жана ага окшогон маддий иштерди уюштуруп, бул иштерди Боко Харам жамаатына оодарууда. Максат, колонизатор мамлекеттердин Нигерияга аралашуусун актоо үчүн шылтоо табуу. Ошондуктан, мына ушул колонизатор мамлекеттер да дүрбөлөң көтөрүп «бул жамаат ал-Каида менен алакасы бар» деп жар салууда… Бул да жетпегендей ушул мамлекеттер Боко Харамдын аскерий деңиз флоттору, кургактык жана аскерий аба күчтөрү бардай жамаатты бүткүл дүйнөгө кооптуу кылып көрсөтүүдө!

Мисалы, Америка 2008-жылы түзгөн Африком күчтөрүнүн командачысы генерал Картер Хэм Нигерия армия жана коопсуздук жооптуулары менен 2011-жылы 17-августта жолугушканда мындай деди: «Бул жерде Боко Харамдын өз аракеттерин исламий магриб мамлекетиндеги ал-Каида уюму менен тартиптештирип жатканын көрсөтүп турган бир канча булактар бар». Ал кошумчалап: «Мындай байланыш Африкага эле эмес,

бүткүл дүйнөгө каршы жүз бериши мүмкүн болгон эң коoптуу нерсе». Башка бир сөзүндө ал мындай деди: «Боко Харам менен Африкадагы жана башка жайлардагы башка экстремисттик уюмдар ортосундагы алакалар бизде чоң тынчсызданууну жаратууда». (AFP, 2011-жыл, 20-июль). Африкомдун америкалык командачынын бул сөздөрүнө шайкеш абалда Нигерия бийлигинин расмий өкүлүнүн айтымында, ал Боко Харамдын исламий магриб мамлекетиндеги ал-Каида уюму менен алака орнотконуна – бул жөнүндө далилдер болбосо да – толугу менен ишенет имиш, ал бул жамаат өткөн айда колдонгон бомбалардын түрүнө шилтеме кылды. (AFP).

2011-жылы 24-августта интернет басылмада Кошмо Штаттардын мамлекеттик департаментинин жооптуусу Страусберг Виллиам мындай деди: «Белгилүү болгондой, Обама жетекчилиги Нигерия бийлигине бул мамлекеттеги мыйзамсыз террорчу жамааттардын аракеттерине чек коюу үчүн жардам берүүгө токтом кылган»! Британия жана «Израиль» сыяктуу башка мамлекеттер да Нигерия коопсуздук күчтөрүнө жардам берүүнү сунуш кылды. Булардын баарынан максат мына ушул мамлекеттер, айрыкча, Америка «терроризмге каршы мамлекетке жардам берүү» деген шылтоо менен Нигериядагы иштер тизгинин ар дайым өз чеңгелинде кармап туруу!

7. Ири мамлекеттердин Нигерияга жардамдарды берип жатканы жөнүндөгү сөздөрү жалган. Тескерисинче, бул мамлекеттердин бүткүл ою Нигериядагы нефть байлыгына ээ болуу. Мына ушул байлык ири мамлекеттерди, айрыкча, Британия менен Американы бул байлык үстүндө бири-бири менен кызуу күрөшкө тартты. Нигерияда өз ара таасир бөлүшүү үчүн аларга аргументтер-актануулар зарыл. Нигерия дүйнөдөгү нефть казып алуучу мамлекеттердин арасында 14-орунда турат, нефтини экспорт кылуу боюнча 8-орунда, нефть запасы боюнча 10-орунда турат. Нигериядагы нефть запасынын көлөмү Америка энергия маалыматтарынын агенттиги тарабынан 16 миллиард баррелден 22 миллиард баррелге чейин деп бааланган. Бирок, башка божомолдорго караганда, нефть запасы 35,3 миллард баррелди түзөт.

2011-жылдан тартып Нигерияда нефть казып алуу күнүнө 2,2 миллион баррелге жетти. Белгилүү болгондой, Нигерия күнүнө 3 миллион баррель нефть казып алууга мүмкүнчүлүгү жетет. Ал жерде нефть запастарынын аныкталышы мамлекеттин экономикасында маанилүү роль ойнойт. Анткени, мамлекеттик кирешенин нефтиден түшүп жаткан үлүшү 80%га жетет. Нигерия нефть казып алуучу жана экспорт кылуучу «ОПЕК» уюмуна мүчө. Нефть запасы негизинен Нигерия дельтасында жайгашкан. Бул регион 20,000кв.км. аралыкка жетет. Нигериядагы нефть адамдардын экономикалык жана саясий турмушунда маанилүү роль ойнойт. Нигерия жерлери жумшак тропикалык жерлер болуп, баткактар менен толо жана сууга бай, ал жерлерде тегиздиктер жана бир канча жээкке жакын аралдар бар. Нигерия экспорт кыла турган нефтинин 90%ы ушул жерлерден казып алынат. Нигерия газ запасына да ээ болуп анын запасы нефть запасынан үч эсеге көп.

Мына ушул колонизатор мамлекеттер Нигерия нефтисин өз чеңгелинде сактап калуу үчүн «терроризмге каршы күрөш» деген шылтоо менен өз жүгүртөктөрү менен биргеликте зомбулук иштерин уюштуруп, аларды Боко Харамга оодарууда. Нигерия менен коопсуздук жана аскерий келишимдер ушул шылтоо негизинде түзүлөт. Максат, бул мамлекеттин иштерине аралашууга жана нефть байлыгына өкүмдар болуп алууга жол ачуу. Ошентип, шайлоодон мурун жана кийин жүз берип жүздөгөн адамдардын курман болушуна алып келген зомбулук окуяларынын баары Боко Харам жасаган иш эмес. Тескерисинче, алардын айрымдары чет элдик тараптарга көз каранды болгон жергиликтүү тараптар ортосундагы күрөшкө тиешелүү болсо, айрымдары «терроризмге каршы күрөш» саясатына алакадар. Анткени, Америка бул мамлекетте өз таасирин бекемдөө үчүн кичүү Буш доорунда Африкада, Нигерияда да «терроризмге каршы күрөш» саясатын жарыя кылган. Америка муну бүткүл дүйнө бойлоп да жарыя кылып Афганистан жана Ирякты мына ушул шылтоо менен басып алды. Азыр болсо, бул колонизатор мамлекеттер Нигерияда өз ара күрөшүүдө. Нигерия

коопсуздугун же Нигерия калкынын жакшы жашоосун ойлоп эмес, тескерисинче, нефтини өз чеңгелине алуу үчүн гана өз ара күрөшүүдө. Мындан тышкары Нигерия Африкада калкы эң көп мамлекет деген этибар менен борбордук орунду ээлейт. Колонизатор мамлекеттердин максаты өз таасирлерин коңшу мамлекеттерге да жаюу жана «бөлүп таштап, өкүмдарлык кыл» саясатын ишке салып ушул мамлекеттердин калкы ортосунда өз ара күрөштөрдү пайда кылуу. Мына ошондо бул колонизаторлор иштерге кожоюн болуп алышат.

Бул колонизатор мамлекеттерди Нигериянын коопсуздугун сактоо үчүн жардам берүү кызыктырбайт, тескерисинче алардын эң биринчи ушул мамлекеттердин байлыктарын талап-тоноп, ташып кетүүнү ойлойт.

8. Жогоруда айтылгандарды төмөнкү нерселер менен аяктайбыз. Боко Харам даъваты тынч жол башталган, Мухаммад Юсуф ] доорунда ушундай көрүнүштө болгон… Мухаммад Юсуфтун жырткычтык менен өлтүрүлүшү, өзгөчө, бул жамаатка, жалпысынан мусулмандарга каршы кандуу чабуулдар бул жамаатты зомбулукту колдонуу менен өзүн коргоого мажбур кылды. Демек, бул нерсе ушул жамаат негизделген жол эмес, тескерисинче, капыстан жүзөгө келген нерсе. Ошондуктан, эгер мамлекет бул жамаатка каршы кандуу чабуулдарды токтотсо, бул жамаат өзүнүн түпкү даъватына т.а. тынч каражаттар менен даъват кылууга кайтышы күчтүү божомолдо.

Бирок, Америкага көз каранды болгон Жонатан режими карасанатайлык менен бул жамаатты тукуруу үчүн ага каршы кандуу чабуулдарды күчөтүүдө. Режим муну менен гана чектелбестен, Америка кызыкчылыктарына кызмат кылуу үчүн өзү уюштурган жардырууларды Боко Харамга оодарып жатат. Максат, Американын таасири англис таасиринен кийин бекем орношуп нефть байлыгына кожоюн болушу үчүн Америкага бир актоочу шылтоону пайда кылып берүү. Табигый түрдө бул байлыктын жана казыналардын бир бөлүгү Жонатан жана анын жүгүртөктөрүнүн капчыгына түшөт.

Сөзүбүздү аяктап жатып, бул жамаатка төмөнкү эки нерсе менен насаат кылабыз:

Биринчи: Жамаат Ислам мамлекети рошид Халифалыкты тикелөөнүн шаръий тарыйкатын үйрөнүшү керек. Бул жаатта Расулуллах с.а.в.дын сийратына ээрчиши жана тынч иш алып баруу жолуна кайтышы зарыл. Мына ошондо ири мамлекеттер, айрыкча Американын жана бул мамлекеттер менен тил бириктирген Жонатан бийлигинин жолун тосуп коёт. Муну менен жамаат Америка жана Британиянын Нигерия бийлиги менен тил бириктирген нерселерин жокко чыгарат. Бул колонизатор мамлекеттер Нигерияны эл аралык аралашуу жана мамлекет байлыктарын талап кетүү майданына айландырмакчы.

Экинчи: Биз жамаатка ушуну да насаат кылабыз, ал өзүнө кошулуп жаткан кишилерди жакшылап текшерип көрүшү керек. Ошондо, Америка же Британия жүгүртөктөрүнүн бул жамааттагылардын арасына жылжып кирип алышы жана зыян аракеттерди ишке ашырып аларды жамаатка төңкөө жолу тосулат.

**Корутунду**

1 - Бул жамаат 2002-жылы исламий аалым Мухаммад Юсуф тарабынан түзүлгөн. Мухаммад Юсуф ушул жамаат жардамында Нигерияда Исламды орнотуу үчүн аракет кылууну ниет кылган.

2 - Бул кыймыл алгач Батыш таалимин Харам деп билүүдөн баштаган болсо, кийинчерээк кеңейип шариятты колдонуу үчүн иш алып барууга өткөн.

3 - Кыймыл оболу тынч даъват алып барды. Бул абал Жонатан дооруndагы бийликтин бул жамаатка каршы чабуулдары барган сайын күчөп, мунун акыбетинде жамаат жетекчиси Мухаммад Юсуф 2009-жылы 30-июлда өлтүрүлгөнгө чейин, кийин Америка тарабынан колдоп-кубатталган бийликтин Ислам жана мусулмандарга каршы чектен чыгып

душмандык кылаганына чейин созулду. Булардын баары жамаатты маддий иштер менен өзүн коргоого мажбур кылды.

4 - Бул жамаатка бир катар маддий аракеттер жана жардыруулар жабыштырылды. Алардын айрымын жамаат өзүн коргоо үчүн ишке ашырган болсо, айрымдарын ири мамлекеттер, айрыкча, Нигерияда өз ара күрөшүп жаткан Америка жана Британия малайлары жана малай бийлик ишке ашырды. Максат «терроризмге каршы күрөштө мамлекетке жардам берүү» деген шылтоо менен жана мамлекеттеги коопсуздукту сактоо деп Нигерияга коопсуздук аралашуусун актоо үчүн шылтоо пайда кылуу.

5 - Жонатан режими чиркөөлөргө жана мечиттерге чабуулдарды уюштуруу аркылуу мусулмандар менен насранийлер ортосунда ички согуш чөйрөсүн пайда кылууга урунууда. Бул, Жонатандын 2012-жылы 8-январда айткан сөздөрүнөн даана көрүнүп турат. Айрыкча, жамааттын азыркы жетекчиси Мухаммад Шикавдын 2012-жылы 12-январда «бул чабуулдардын бизге таптакыр алакасы жок» деп айткан сөздөрү да муну тастыктап турат. Ал кошумчалап: «Нигериялыктарды бизден коркутуу үчүн масихийлерди да, мусулмандарды да өзүңөр өлтүрүп, кийин бул иштерди бизге оодарып жатасыңар!», - деди.

6 - Ири мамлекеттерди, айрыкча Нигерия үстүнөн кожоюн болуп алган Американы – анткени Жонатан Америка малайларынан – жана илгери таасирге ээ болгон Британияны Нигерияга жардам берүү жана анын коопсуздугун сактоо кызыктырбайт. Тескерисинче, бул колонизаторлор Нигерия нефтисине кожоюн болуп алуу жана Африка бойлоп өздөрүнүн таасирин жаюу максатында Нигерияны борбор кылып алуу үчүн ал жерде өз ара күрөшүүдө.

7 - Биз жамааттагы боордошторго насаат кылып, аларды Расулуллах с.а.в. сийратын жакшы үйрөнүп, Ислам мамлекети рошид Халифалыкты тикелөөнүн шаръий тарыйкатын дагы да көбүрөөк үйрөнүүгө чакырабыз. Биз аларды өздөрүнүн алгачкы тынч иш алып баруу жолуна кайтууга чакырабыз.

Мына ошондо эл аралык күчтөрдүн, айрыкча Америка жана бийликтин ушул зомбулуктарды шылтоо кылып Нигерияга аралашуусу жана ал жерде Америка таасирин күчөтүү жолу тосулат.

Биз аларга өздөрүнө кошулуп жаткан кишилерди жакшылап текшерүүнү да кеңеш кылабыз. Ошондо, алардын сабына бийликтин жана анын артында турган эл аралык күчтөрдүн малайлары жылжып кире албайт. Антпесе, бул малайлар жылжып кирип алып зыяндуу аракеттерди ишке ашырышат да, кийин аларды жамаатка оодарышат.

Албетте, Аллах Субханаху Өзүнө жардам берген кишилерге албетте жардам берүүчү, албетте, Аллах Субханаху Күчтүү, Азиз!

**26-сафар, 1433-х.**

**20-январь, 2012-ж.**

## Нигериядагы акыркы окуялар тууралуу

**Суроо:**

*Акыркы кездерде Нигерия менен Кениядагы айрым абалдар, окуялар жана шарттар күзөтүүчүлөрдүн этибарын тартты... Бул нерсе Кошмо Штаттар, Бириккен Королдук же башка күчтөр Африканын бардык тараптарында болуп жаткан жарандык согуштарды азыр Нигерияда, 2007-жылдагы шайлоолордон кийин болсо Кенияда курчутуу үчүн жаңы саясат жүргүзүп жатканын түшүндүрөбү же бул ички окуяларбы?*

**Жооп:**

Экинчиден: Нигерия жөнүндө айта турган болсок, Нигерия президенти Умар Муса Яр-Ярадуанын каза болушуна алып келген оорудан кийин Гудлак Жонатан 2010-жылы февралда Нигерия президентинин кызматына дайындалган, Жонатан мындан мурун президент Умардын орун басары болгон. Экөөсү тең «Элдик демократиялык партиянын» (PDP) мүчөсү. Ошондуктан, Умар да, Жонатан да өздөрүнүн саясий кызмат жаатында көтөрүлүүдө Элдик Демократиялык партиянын күчтүү жетекчиси Обасанжодон карыздар деп айтууга болот.

Обасанжо Американын малайы, ал мамлекет президенти болгон, ага Американын Нигериядагы өкүмдарлыгын сактап калууну кепилдөө жана Британия таасирин сүрүп чыгаруу вазыйпасы жүктөлгөн. Обасанжо Жонатанды 2007-жылдагы президенттик шайлоодо Умарга орун басар болуу мансабына тандады. Британия радиокорпорациясынын маалыматына ылайык, Жонатандын жеке ишинде ушул нерселер көрсөтүлгөн: «Жонатан мырза губернаторлук кызматты ээлеп келген, мына ушундан эки жыл өткөндөн кийин Олосиго Обасанжо тарабынан 2007-жылдагы президенттик шайлоодо Нигерия президентинин орун басары болуп тандалды». *(Гудлак Жонатандын жеке иши: Нигерия, BBC Ньюс Онлайн, 2011-жыл 18-апрель).* Кийинчерээк Обасанжо Жонатандын президенттик кызматка келишин уюштурду. «Талиъа» гезитине ылайык, Жонатандын президент мансабына келишинде Обасанжо негизги ролду ойногон. Гезит мындай деп жазат: «Ярадуа ооруп айыгуудан үмүтүн үзгөндө, анын төрт жылдык президенттигинин эки жылга жакын мөөнөтү өткөндөн кийин Обасанжо Саудия ооруканасында ооруп жаткан президентти алгачкы жолу зыярат кылды жана Гудлак Жонатандын президент орун басары мансабына дайындалып президент Ярадуа иштерин аткарып туруучу катары конституция боюнча ант ичиши үчүн кайтып келди, себеби ага бул мансап президенттин чет элге жасаган сапарынан мурун тапшырылбаган эле». *(Клифор: Обасанжо отставкасы: Элдик демократиялык партиядан кийин эмне болот, Жонатанбы? Талиъа сайты, 2012-жыл 4-апрель)*

Ошентип, Америка Жонатандын 2011-жылы кайра президенттикке шайланышына жетишти, себеби Жонатан Нигерия калкынын колдоосуна жетишүү үчүн массалык маалымат куралдарын ишке салды жана 77,7% добушту камсыздады, бул натыйжалар Умар Ярадуага берилген добуштарга салыштырганда жогору болду.

Ошону менен бирге, Жонатан президент болуп дайындалгандан кийин Умар Ярадуа доорундагы абалдан көрө көбүрөөк саясий күчсүздүк байкалды.

Обасанжо Элдик демократиялык партиянын башкы секретары болуп турганда Жонатандын кеңешчиси болгонуна карабастан ушундай болду. Нигерия Жонатандын президенттик доорунда бир нече проблемаларды башынан өткөрдү, бул проблемалар Жонатандын Нигериядагы жергиликтүү мекемелерди жана саясий турмушту башкарууга болгон кудуретин чектеп койду. Бул проблемаларды төмөнкүдөй кыскача баян кылуу мүмкүн:

1 – Саясий коррупция:

Нигерияда саясий коррупция терең тамыр жайган, ошондуктан Жонатан бийликте турган кезинде өкмөттүк мекемелердеги коррупцияга чек коюу үчүн жумшаган аракеттер минимум даражада болду, жада калса Жонатанды колдоп-кубаттаган Америка да коррупцияга каршы күрөшүү аракетинен чарчаб Нигерия бийлигин ачык сындоого өттү. Себеби, Америка мамлекеттик катчысы Клинтон адам укугу тармагындагы иштер боюнча 2011-жылы конгресске сунуштаган отчётунда мындай деди: «Нигерияда коррупция кеңири жайылган, бийликтин бардык тармагында жана коопсуздук күчтөрүндө кеңири жайылган». Мындан тышкары Жонатан бийлиги Нигерия мамлекетинин башка мамлекеттер менен бирге өнүгүшүнө да көз жумду жана бул нерсе элдин катмарынын Жонатан башкаруусунан наараzы болушуна алып келди, бул болсо зомбулукка алып келди, айрыкча, мамлекеттин түндүгүндө ушуга алып келди.

2 – Жанылгы продукцияларынан мамлекет колдоосун алып таштоо:

Гудлак Жонатан жанылгы продукцияларынан мамлекет жардамын алып таштоо кандай акыбеттерге алып келишин жана бул проблема бүтүндөй көзөмөлдөн чыгып кетишин түшүнүп жетпеген көрүнөт. 2012-жылы январда тартипсиздиктер курчугандан бир нече күн өтүп Жонатан бийлиги баш ийүүгө жана жанылгы продукцияларына бир аз жардам көрсөтүүгө мажбур болду. Бирок, кыйла кеч болуп калган эле, бул нерсе Жонатан бийлигинин аброюна өтө чоң зыян жеткирди жана Нигериядагы ортоңку катмар

Жонатанга каршы болуп калды, негизи, аны колдоп-кубаттап келген ушул катмар эле.

3 – Мусулман калкка каршы тектик кемсинтүүнүн курчушу:

Жонатандын президенттик доорунда бийлик менен мусулман калк ортосундагы алакалар жаман абалга келди, себеби Гудлак Жонатан Обасанжо сызып көрсөтүп берген «мусулмандарды ыраазы кылуу» саясатынан баш тартты. Мына ушундан кийин мусулмандардын талаптарын бастыруу үчүн зомбулуктар күчөдү. Жакшыраак саясий укук берүү жана иш орундары менен камсыздап социалдык шарттарды жакшылоонун ордуна коопсуздук күчтөрү мусулмандарга зулум кылууну дагы да күчөттү. Айрыкча, мамлекеттин түндүк бөлүктөндө ушундай болду. Бул болсо, мусулмандардын Жонатан башкаруусуна кескин каршы жооп беришине алып келди жана Боко Харам сыяктуу айрым исламий жамааттардын Жонатан бийлигинин мусулмандарга каршы жырткыч репрессиячыл жолуна каршы жооп катары зомбулук жолун карманган жамаатка айланышына түрткү болду.

Жонатан бийлигин кысымга алган проблемаларга жана мамлекеттеги зомбулукка терең назар салсак, бул проблемаларды Америка Гудлак Жонатан менен кызматташтыкта жасалма түрдө келтирип чыгарганы айкын болот. Максат, Американын Нигерияга бир гана максатта т.а. мамлекеттеги нефть байлыгына кожоюн болуп алуу максатында дагы да көбүрөөк жылжып киришине кеңири жол ачуу.

Американын бул «өнөрүн» анығыраак түшүндүрүү үчүн төмөндөгүлөрдү баян кылабыз:

Саясий коррупцияга карата: Нигерияда саясий коррупция калкты тажатып жибергенине карабастан, Америка муну жашыруун таризде колдоп-кубаттап келүүдө, о.э. Америка мамлекет өз капчыгын болуп көрбөгөндөй көбүрөөк Америка жардамдары менен толтурушуна да жол ачып берүүдө. Себеби, бул, Америка малайларын дагы да байытып, аларды өз кожоюндарына дагы да ишенимдүү кызмат кылдырып коё турган ыкма.

Америка өзүнүн жолуна жолто болуп, башка чет элдик күчтөргө, айрыкча Британияга малай болган саясатчыларды кысым астына алынышына да кеңири жол ачып берүүдө. Мындан тышкары «коррупция акчасы» Америка өз малайларын кызыктыруу жана коркутуу үчүн ишке сала турган эки баштуу курал болуп эсептелет: себеби, ал бир тараптан Америка малайларын өз кожоюндарынын кызматына дагы да бекем жабышуусу үчүн акча менен кызыктыруу болсо, экинчи тараптан Америка малайларын опузалап, аларды коркутуу куралы. Себеби, бул нерсе бул малайларды өз кожоюндарына дагы да көбүрөөк таяна турган кылып коёт, эгер, бул малайлар Америкага итаатсыздык кылышса, Америка аларды жазалоо жана бийликтен алып таштоо куралы катары дароо коррупция деген нерсени оңойлук менен ишке салышын жакшы билишет.

Мамлекеттин жанылгы продукцияларына болгон колдоосун алып таштоого келсек, бул, Америка кожоюн болгон Эл аралык Валюта Фондунун талабы менен болду, ошондуктан Британия радиокорпорациясы мындай деп билдирди: «Эл аралык Валюта Фонду Нигерия бийлигин жанылгы продукцияларына колдоо көрсөтүлүшүн токтотууга чакырды, отчётко ылайык, бул, ар жылы 8 миллиард долларга жеткен» *(Нигерия колдоо токтотулгандан кийин жанылгы баалары эки эсе көтөрүлүп кеткенден кыжырданууда, BBC Ньюстун интернеттеги сайты, 2012-жыл 2-январь).* Американын бул кадам артынан адамдарды экономикалык жактан эзип, аларды жанылгыга колдоо көрсөтүү токтотулгандыктан пайда болгон оор жүк менен алек кылып коюуну көздөгөн. натыйжада, адамдардын этибары мамлекеттин нефть байлыктарын талап-тоноп жаткан Америка нефть компанияларынын иш-аракеттеринен бурулуп, чалгып калат.

Жонатандын мусулмандарга, айрыкча Боко Харамга зомбулук кылганына келсек, мындан максат «исламчы экстремисттерге каршы күрөштө Нигерия коопсуздук жооптууларына жардам берүү» деген шылтоо менен нефтини беймарал ташып кетүү үчүн Нигерия коопсуздук аппараты

үстүнөн Америка көзөмөлүн дагы да бекемдөө. Ошондуктан, Клинтон 2012-жылы 9-августта Нигерияга келгенде коопсуздук боюнча жогору кызматтагы жооптуу мындай деди: «Вашингтон Нигерияга мыйзамдуу медицина тармагында жардам көрсөтөт, врачтар арасындагы шектүү кимселерди күзөтүү жана полиция менен аскерий разведканын бири-биринен айырмаланган багыттарын «шайкеш» кылуу үчүн жардам көрсөтөт...». Ошол жооптуу мындай деп кошумчалады: «Вашингтон Нигерияга разведка координациялоо борборун өнүктүрүүдө да жардам берүүгө даяр, бул нерсе маалыматтарды жамдоодо жардам бериши мүмкүн». (Франс Пресс агенттиги, 2012-жыл 9-август).

Мындан тышкары Америка өзүнүн мындай кескин проблемаларды келтирип чыгаруу «өнөрү» артынан байлыктарды беймарал алып кетүү үчүн аралашууну актаган шылтоону пайда кылуу максатын көздөйт. Бирок, бул проблемалар нефть байлыгын – жакынкы келечекте – беймарал алып кетүү аракетин токтотуп коё турган ички согушка алып келе турган даражага жетпеши керек.

Нигериядагы саясий күрөш жөнүндө айта турган болсок, ал Кениядагыдан айырмаланат, себеби Америка жана Британиянын Кенияда ушул эки колонизатор мамлекеттин кызыкчылыктарына кызмат кыла турган өз ара жакын саясий катмардан турган малайлары бар. Бирок, Нигерияда Обасанжо 1999-жылы 29-майда президент болгондон тартып күчтүү саясий катмар Америкага малай болуп калды, англистердин малайлары болсо аста-секин күчсүздөндү, алар кичи аракет алып барууда, алар экинчи планда турат. Бирок, Британия өзүнүн мурунку таасирин кайра тикелөө үчүн күчөп бара жаткан кескиндиктерден пайдаланып калууга урунууда...

Сөзүбүздүн аягында ушуну айтабыз, Ислам улуу кадыр-баркка ээ болгон өлкөлөрдө мамлекеттердин өз ара күрөш алып барып жатканы өкүнүчтүү... Бүгүн бул өлкөлөрдүн маселелери колонизатор кафирлерден турган душмандарынын колуна өтүп калды. Ошого карабастан, Исламий

Үммөт унчукпастан тура бербейт, тескерисинче – Аллахтын уруксаты менен – бул Үммөт барган сайын күчтүү аракет кылып, мунун артынан ал Аллах Субханаху ва Таала:

***«****(Эй Мухаммаддын Үммөтү)****, силер адамдар үчүн чыгарылган үммөттөрдүн эң жакшысы болдуңар. Анткени, силер жакшы амалдарга буюрасыңар, жаман амалдардан кайтарасыңар жана Аллахка ыйман келтиресиңер»*** [3:110]

деп сыпаттагандай азиздик жана жакшылыгын кайтарып бере турган жаңы күндүн таңы атышын күтүүдө. Бул болсо, Аллахка кыйын эмес.

**3-шаввал, 1433-х.**

**21-август, 2012-м.**

## Нигериядагы шайлоолордун жылдырылышы тууралуу

**Суроо:**

*Нигерия шайлоо комиссиясы 2015-жылы 8-февралда президенттик жана парламенттик шайлоолорду “ички коопсуздукка коркунучтар бар” деген шылтоо менен 28-мартка жылдырганын жарыя кылды. Негизи, бул шайлоолор 14-февралда өткөзүлмөк эле. Чындыгында ушундай коркунучтар барбы? Же бул жылдыруу эл аралык себептерге байланыштуу болдубу? Эгер ушундай болсо, ал кайсы мамлекеттер таасири астында болду? Бул шайлоолордон кийин эмне күтүлүп жатат?*

*Менде бир мулахаза (ой-пикир) бар, Хизб өзү чыгарып жаткан басылмаларда Нигерия маселелери жөнүндө дээрлик сөз жүргүзбөйт. Нигерия Африкада элинин саны жагынан эң чоң исламий өлкө, океан менен байланышып турат, анда нефт бар. Ушундай болгон соң, эмнеге бул мамлекетке көңүл бурулбай жатат? Эгер менин мулахаза билдирүүгө эмес, суроо берүүгө гана укугум болсо анда кечирим сураймын, Аллах сизди жакшылыктар менен сыйласын.*

**Жооп: Биринчи: Биринчиден, мулахазаңыз тууралуу айтып өтөйүн:** Аллах сиздин адебиңизге адеп кошсун. Себеби, сиз өзүңүздүн акы-укугуңуз болгон иш туурасында үзүр сураптырсыз. Бул эң жакшы адептерден.

Нигерияга келсек, ага көңүл буруу – Аллахтын уруксаты менен – албетте бар. Ошон үчүн сиз сарсанаа болбоңуз, себеби, биз сиз айткан нерсени да, башка иштерди да жакшы түшүнөбүз, алар боюнча жакшы жылыштабыз. Аллах Субханаху тавфик берүүчү Эгебиз...

Ал эми басылмалар чыгарууга келсек, биз кээ бир мулахазаларды жана маанилүү маселелерди эсепке алабыз. Ушуну менен бирге, биз Нигерия тууралуу бир нече жолу басылмаларды чыгарганбыз. Маселен:

– 2009-жылы 13-мартта «Нигерияга Исламдын кирип келгендиги, ал жерди қандай башкаргандыгы туралуу бирер тарыхый маалымат барбы о.э. Нигериянын саясий абалы қандай?» деген суроо-жоопту чыгарганбыз.

– 2012-жылы 20-январда да «Нигериядагы «Боко Харам» жамааты жана Исламга каршы кылынып жаткан чабуул о.э. мамлекеттердин буга алакасы туралуу жигиттер үчүн маалыматтар»ды чыгардык.

– 2012-жылы 21-августта да «Акыркы кездерде Нигерия менен Кениядагы айрым абалдар, окуялар жана шарттар күзөтүүчүлөрдүн этибарын тартты... Бул нерсе Кошмо Штаттар, Бириккен Королдук же башка күчтөр Африканын бардык тараптарында болуп жаткан жарандык согуштарды азыр Нигерияда, 2007-жылдагы шайлоолордон кийин болсо Кенияда курчутуу үчүн жаңы саясат жүргүзүп жатканын түшүндүрөбү же бул ички окуяларбы?» деген суроого жооп чыгардык.

Ал суроого толугу менен жооп берилген, биз анда Жонатан жана анын 2011-жылда президент болуп шайланганы туралуу сөз жүргүздүк. Жоопто төмөнкүлөр келген: «...Обасанжо Американын малайы, ал

мамлекет президенти болгон, ага Американын Нигериядагы өкүмдарлыгын сактап калууну кепилдөө жана Британия таасирин сүрүп чыгаруу вазыйпасы жүктөлгөн. Обасанжо Жонатанды 2007-жылдагы президенттик шайлоодо Умарга орун басар болуу мансабына тандады. Британия радиокорпорациясынын маалыматына ылайык, Жонатандын жеке ишинде ушул нерселер көрсөтүлгөн: «Жонатан мырза губернаторлук кызматты ээлеп келген, мына ушундан эки жыл өткөндөн кийин Олосиго Обасанжо тарабынан 2007-жылдагы президенттик шайлоодо Нигерия президентинин орун басары болуп тандалды». *(Гудлак Жонатандын жеке иши: Нигерия, BBC Ньюс Онлайн, 2011-жыл 18-апрель).* Кийинчерээк Обасанжо Жонатандын президенттик кызматка келишин уюштурду. «Талиъа» гезитине ылайык, Жонатандын президент мансабына келишинде Обасанжо негизги ролду ойногон. Гезит мындай деп жазат: «Ярадуа ооруп айыгуудан үмүтүн үзгөндө, анын төрт жылдык президенттигинин эки жылга жакын мөөнөтү өткөндөн кийин Обасанжо Саудия ооруканасында ооруп жаткан президентти алгачкы жолу зыярат кылды жана Гудлак Жонатандын президент орун басары мансабына дайындалып президент Ярадуа иштерин аткарып туруучу катары конституция боюнча ант ичиши үчүн кайтып келди, себеби ага бул мансап президенттин чет элге жасаган сапарынан мурун тапшырылбаган эле». *(Клифор: Обасанжо отставкасы: Элдик демократиялык партиядан кийин эмне болот, Жонатанбы? Талиъа сайты, 2012-жыл 4-апрель)*

– Ошентип, Америка Жонатандын 2011-жылы кайра президенттикке шайланышына жетишти, себеби Жонатан Нигерия калкынын колдоосуна жетишүү үчүн массалык маалымат куралдарын ишке салды жана 77,7% добушту камсыздады, бул натыйжалар Умар Ярадуага берилген добуштарга салыштырганда жогору болду…».

Ушундай кылып, биз Нигерия туралуу басылма чыгарганбыз. Мына ушу басылмалар башка кээ бир аймактар тууралуу басылмалардан

азыраак болсо да, бирок – сизге айтып өткөнүмдөй – биз «кээ бир мулахазаларды жана маанилүү маселелерди этибарга алабыз».

Кандай болбосун, Аллах сиздин дин үчүн күйгөнүңүздү жана көңүл бурганыңызды жакшылык менен сыйласын.

**Экинчи: эми сиздин шайлоолор жылдырылганы туралуу сурооңузга келсек, жооп анык болушу үчүн мен сизге төмөдөгүлөрдү эстетип өтмөкчүмүн:**

1 – Америка жакында өзүнүн Нигериядагы таасирин күчөтүү пландарын жарыя кылды. Бул пландардын бирин «Нью-Йорк Таймс» газетасы 2014-жылы 7-июнда жарыя кылган. Анда газета «Кошмо Штаттардын Нигерия түндүгүндө 24 саат бою иш бара турган телеканал ачууга чечим кылганы», «бул телеканалды Кошмо Штаттар каржылап, максаты Боко Харам жана башка экстремисттик исламий жамаатарга каршы күрөшүү» экендиги тууралуу кабар таркаткан. Бул газета бир америкалык жооптуунун төмөндөгү сөздөрүн келтирди: «Бул проект Боко Харамга каршы кызматташтык кылуу жолдору туралуу Нигерия менен 2012-жылдын акырына барып такалган талкуулардын натыйжасы болду. Эми бул телеканалдын көрсөтүүлөрүн Нигериядагы нигериялыктар даярдашат». Газета «Америка тышкы иштер министрлигиндеги терроризмге каршы күрөшүү кеңсеси бул телеканалды акча менен каржылайт, ага кете турган сарп каражаттар алты миллион долларга жетиши күтүлүүдө» деп жазды.

2 – Британия Нигерияны 1960-жылга чейин колония кылып турду. Ал Нигерияда толук таасирге ээ эле, азыр да анын Нигериядагы таасири – мурдагыдан алсызыраак болсо да – сакталып турат. Америка аны менен таасир талашыш үчун кирип келди, бул эки колонизатор ал жерде таасирге ээ жана өз ара атаандашууда. Британия Франция менен биргеликте аракет кылууда. Франция өзүнүн Нигерияга коңшу мамлекеттеги таасирине коркунуч туулушунан кабатыр болууда.

Ошондуктан, ал Камерун-Нигерия чегаралары бойлоп жайгаштырылган Чад күчтөрүн 2015-жылы 3-февралда Нигериянын Гамбору шаарына кигизди. Мындан мурун Боко Харам исламий жамааты менен катуу кармаштар болуп өткөн эле». (АФП 2015-жыл 3- февраль). Агенттик бул шаарды ушул жамаат бир ай мурун басып алгандыгын жана Чад күчтөрү Камерунга январь айынын жарымында киргенин билдирди. Рейтер агенттиги да 2015-жылы 3-февралда мындай деп билдирди: «Француз самолёттору Нигерия менен чегаралаш мамлекеттерге Боко Харамга каршы туруудa жардам бериш үчүн разведка вазыйпаларын аткарууда». Британия өзүнүн кийинки убактарда алып барып жаткан саясатына ылайык, Америка менен ачык каршылыкка киришүүнү каалабайт. Ошон үчүн өзүн Америка менен жанаша тургандай кылып көрсөтөт. Америкага эл аралык маселелерде шерик болуш үчүн жана анын каарына калуудан сактаныш үчүн ушундай кылууда. Демек Британия өзүнүн Америка менен бирге жетише турган пайдаларынын о.э. өзүнүн эски колонияларындагы калган-каткан таасирлеринен кол жууп калбаш үчүн, Америкага ачык каршы туруудан коркот. Азыркы убакта Британия Францияны қозгоп жатат. Британия мурунтан өз максаттарына жетиш үчүн Францияны аракетке келтирип, аны ишке салып келген. Айрыкча, Франция ачык каршылыкка киришүүнү жактырганы үчүн, Британия андан ушундай пайдаланат. Себеби Франция өзүнүн улуу экендигин көрсөтмөкү болот жана муну ар дайым далилдешке аракет кылат. Ошон үчүн да, Британия өзүнүн максаттарына жетишиш үчүн Франциядан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болууда. Айрыкча, Франция саясий манёврларды аңдай албаганы үчүн, Британия андан ушундай пайдаланууда. Ушуларга караганда, бул күрөш амалий таризде Америка менен Британия ортосунда болууда.

3 – Нигерия ичинде өкмөт мамлекеттин эң көбүн түзгөн мусулмандарга каршы күрөш алып барууда. Мисалы, 2014-жылы

февралда бул өкмөт расмий мектептерде хижаб кийүүгө тыюу салганын кабарлады. Христиандар башкарып жаткан жана Батыш, эң биринчи Америка тарбынан колдоп-кубаталып жаткан бул мамлекет ачыктан-ачык христиандар тарабында турат. Ошон үчүн да ал Батыштын таалим программаларын мусулмандарга зордоп тыгыштырды. Бул мамлекеттин мусулмандарга каршы айбанчылыгы дээрлик чегинен ашып кетти. Нигерия армиясындагы кээ бир аскерлер мусулмандарга каршы режим амалга ашырып жаткан бул айбанчылык амалдарын аткарыштан баш тартышты, натыйжада алар өлүм жазасына тартылышты. Скай Ньюс 2014-жылы 18-декабрда мындай мазмундагы кабарды таркатты: «Нигериядагы аскердик сот 2014-жылы 18-декабрда атайын күчтөрдүн 54 аскерин өлүмгө өкүм кылды. Бул аскерлер Боко Харам жамаатына каршы согушка катышуудан баш тарткан эле. Өткөн сентябрь айында да бул сот 12 Нигерия аскерин – алар офицерине каршы ок атышкандан кийин – “козголоң” деген айып менен өлүм жазасына тартты». Булардын бардыгы Жонатан башкаруусуна каршы жек көрүү канчалык күчтүү экенин жана аны жарандар жана аскерлер канчалык жаман көрөрүн көрсөтүп турат. Эгер шайлоолор белгиленген убактысында өткөзүлө турган болсо, бул дагы Жонатан ала турган добуштарга терс таасир көрсөтөт.

4 – Бул бир тараптан ушундай. Башка тараптан болсо, Жонатандын шайлоодогу азыркы атаандашы мурунку президент Мухаммад Бухарий болуп турат. Ал Хабсо уруусунан, бул уруу эң чоң уруу болуп эсептелет. Себеби ал калктын төрттөн бир бөлүгүн түзөт, алардын көпчүлүгү мусулмандар. Мухаммад Бухарий Нигерия түндүгүндө эл арасында абройго ээ болуп, ал 2011-жылдагы шайлоодо Жонатанга атаандаш болгон. Ошондо Мухаммад Бухарийдин 32% добуш алганы жарыя кылынган эле. Ушундан кийин ал шайлоолордун таза өткөзүлгөндүгүнө күмөн билдирген жана мында «Нигерия шайлоо

комиссиясындагы компьютер программасы аркылуу» оюн кылынганын айткан эле. Ал бул сөзү менен кыйыр түрдө Американы айыптаган. Себеби, комиссияга техниканы берген Америка болгон, бул комиссияны акча менен камсыздаган жана ага колдоо көрсөткөн да Америка эле. Ошондогу Америка тышкы иштер министринин жардамчысы Жонни Карсон бул комиссияны мактаган. Нигериялик чиновниктер да 2010-жылы 9-декабрда Вашингтондо америкалык жооптуу адамдар менен жогорку деңгээлдеги сүйлөшүүлөрдү алып барышкан. Бул сүйлөшүүлөр 2011-жылы апрелде болуп өткөн шайлоолор туралуу, бул шайлоолорго тиешелүү техника туралуу, акча менен камсыздоо жана колдоо корсөтүү туралуу болгон эле.

Мухаммад Бухарий Британия малайларынын бири болуп, ал мурдагы аскер башчы. Ал 1983-жылы Шеху Шагариге каршы аскерий төңкөрүш жасаган. Шагари 1979-жылы граждандык башкарууну өз колуна алган эле. Мухаммад Бухарий 1999-жылдагы жана 2003-жылдагы шайлоолордо отставкадагы генерал Олосиго Обасанжого атаандаш болгон. 2007-жылдагы шайлоодо да Обасанжо өз партиясынан Умар Яр-Адуанын талапкерлигин койду, ал бир мусулман уруусунан эле. Максаты, аны Мухаммад Бухарий менен атаандаштырып, натыйжада Мухаммад Бухарийди мына ушул шайлоолордо утуп чыгуу эле. Мына ушундан улам, Обасанжо баш болгон режим шайлоо натыйжаларын бурмалагандыкта айыпталды. Биз жогоруда айтып өткөнүбүздөй, Мухаммад Бухарий эл арасында, айрыкча Нигерия түндүгүндө кандайдыр бир даражада абройго ээ. Бул ага жана анын Либерал Конгресс партиясына – Жонатанды жана анын Элдик Демократиялык партиясын – бийликтен кулатышына мүмкүнчүлүк берүүдө.

5 – Америка бул шайлоолор өз пайдасына болбойт деген пикирге келди жана Керри шайлоону жылдыруу чарасына киришти:

– Франс Пресс агенттиги билдиришинче, Керри 2015-жылы 23-январда Британия тышкы иштер министри Филип Хэммонд менен жолугушту. Бул жолугушуу шайлоо жылдырышынан эки апта мурун болду. Бул узакка созулган жолугушууда негизги тема шайлоолор тууралуу болгондугуна эч күмөн жок. Себеби Америка Британиянын Нигерияда адамдары бар экенин жакшы билет.

– Мына ушундан кийин Керри оппозициядагы Конгресс партиясынын жетекчилери менен жана бул партиядан талапкер Мухаммад Бухарий менен жолугушту. Керри жолугушуудан кийин: «Президент Барак Обама андан Нигериядагы саясий адамдарга Америка Нигерия менен шериктеш болууга жана аны колдоп-кубатташка даяр экенин, бирок демократиялык процесс ишеничтүү болушу керектигин жеткирүүнү суранганын » айтты. (АФП 2015-жыл 25- январь).

– Кийин Нигерия президенти Жонатан менен жолугушту. Керри ал туралуу «Ал эркин, адилеттүү жана ишеничтүү шайлоо өткөрүүнүн тарапкери» деп айтты. (АФП 2015-жыл 25- январь).

Бул зыяраттар президенттик шайлоого тиешелүү болду. Себеби Франс Пресс агенттиги Кerrинин 2015-жылы 25-январда Нигерияга қылган сапары туралуу кабарда мындай деп жазды: «Керри 14-февралда өткөзүлө турган президенттик жана парламентик шайлоолорду да талкуу кылды».

6 – Көрүнүп тургандай, Керри мына ушул жарыя кылынган жана жарыя кылынбаган жолугушуулар аркылуу шайлоолорду бир аз артка жылдырып туруш үчүн баардык тараптар менен келишүү чечимин пайда кылууга урунду, бирок ал бул чечимге аралашпады. Демек Жонатан – тараптар ыраазылыгын күтүп отурбай – шайлоолорду жарым айга жылдырышын буюрду жана Нигерия шайлоо комиссиясы 2015-жылы 8-февралда коопсуздукту шылтоолоп, президенттик жана парламенттик шайлоолорду 28-мартка жылдырганын жарыя кылды.

Америка болсо өзүн адатынча бул ишке эч тиешеси жоктой кылып көрсөтүп, аны Жонатан тарабынан кабыл кылынган чечимдей кылып көрсөттү. Керри болсо буга карата мындай деди: «Вашингтон Нигериянын шайлоолорду жылдырганына нааразы». (Рейтер 2015-жыл 8 -февраль). Керри мындай дегени менен, акыйкат андай эмес. Себеби Керринин жогорудагы жолугушууларында этибар негизинен – Франс Пресс агенттиги айткандай – шайлоолор темасына каратылган. Жылдырылыш тууралуу чечим мына ушул жолугушуулар убагында, эч күмөнсүз, Америка тарабынын кабыл алынган. Анткени Жонатандын Америкага каршы турушу акылга сыйбас нерсе, себеби ал Америкага көз каранды жана Американын колдоп-кубатташына таянат. Демек, чечим Америка тарабынан кабыл алынганы анык. Рейтер агенттиги 2015-жылы 8-февралда кабар таркатышынча, Нигерия шайлоо комиссиясы оппозиция кыжырлануусун козгой турган кадамды таштоодо өкүмдар Элдик партиянын басымдарына моюн сунду.

7 – Өкмөт болсо шайлоону жылдырууда коопсуздук иштерин шылтоо кылды, негизи, бул болбогон шылтоо. Себеби Жонатан режиминин шайлоону жылдыруу шылтоосун тандоо позицияларында өз ара карама-каршылык жана экилениш болду. Маселен, улуттук көз карандысыз комиссиянын башчысы Аттахиру Жега мындай деди: «Мамлекеттеги коопсуздук жетекчилеринин сунушун чындыктан алыс деп эсептөөгө болбойт. Ошондуктан, комиссия президенттик жана парламенттик шайлоолордун жаңы мөөнөтүн белгилөөгө чечим кылды. Шайлоолор 2015-жылы 28-мартта, акимдер жана провинция кеңештерин шайлоо 11-апрелде өткөзүлө турган болду». Жега дагы мындай деди: «Улуттук коопсуздук кеңешчиси өткөн аптада шайлоо комиссиясына бир кат жолдоп, анда шайлоолорду өткөзүү сунуш кылынган мурдагы мөөнөттө коопсуздукту кепилдөө мүмкүн эместигин баян кылды». Ал дагы мындай деди: «Бул чечимди кабыл алууда бизди

эч ким мажбур кылган жок». Анын бул сөзү «шектүү секирет» деген лакапты эске салат. Себеби ал мажбур кылынганынан  актанып, эч ким мажбурлаган жок деп жатат! Бул эле эмес, мындан мурун улуттук коопсуздук кеңешчиси Самбо Дасуки өткөн айда «өз учурунда добуш берүү үчүн зарыл болгон өздүктү тастыктоочу карточкалар жетиштүү таркатылбай калгандыктан» шайлоолорду жылдырышка чакырган эле. (Рейтер 2015-жыл 8-февраль). Ошентип, улуттук коопсуздук кеңешчиси бир ай мурун “карточкалар жетиштүү таркатылбаган” деген шылтоо менен шайлоолорду жылдырууга чакырып жатса, шайлоо комиссиясы буга “коопсуздукту” себеп  кылып көрсөтүүдө?! Бул эки шылтоо бир бийликтин бири-бирине карама-каршы эки ача билдирүүлөрдү бергендигин анык көрсөтүп турат!

Ошондуктан, шайлоо Жонатан өкмөтү жарыя кылган себептер айынан эмес, балким Америка чечими себептүү жылды. Себеби, Америка малайы болгон азыркы президент Жонатан учурда кыйын кырдаалга түшүп калган. Ушундан улам, анын шайлоодо утуп чыгышынан кабатырлануулар бар. Жогоруда айтып өткөнүбүздөй, кээ бир анализдөөчүлөр жана күзөтүүчүлөр Жонатандын атаандашы Мухаммад Бухарий жана анын Конгресс партиясы Жонатанды жана анын Демократиялык партиясын бийликтен кетириш үчүн чыныгы мүмкүнчүлүккө ээ болуп турганын көрсөтүп жатышат.

8 – Эмне күтүлүп жатканына келсек, төмөндөгү ыктымалдардын бири болушу мүмкүн:

а) Жонатан шайлоо жылдырылган мөөнөт ичинде, Америка жардамы менен кээ бир жетишкендиктерге жетүүсү мүмкүн. О.э. ал тынчтык орнотулганынын кээ бир көрүнүштөрүн пайда кылууга урунат. Себеби ошондо кыйноо зордук-зомбулук операциялары азаят. Эгер Жонатан уурдалып кеткен окуучу кыздар жаатындагы чечимдерге

Америка колдоп-кубаттай турган эл аралык иш-чаралар жардамында жетише алса, анда анын ийгилиги чоң болот.

б) Америка Британия менен орточо чечимге жетишүүсү ыктымал. Мунун натыйжасында Жонатан атаандашы Мухаммад Бухарий менен шерик болот. Мисалы, бири президент, экинчиси вице-президент болушу мүмкүн. Мурун президент жана вице-президенттин бири христиан, экинчиси мусулман болушу тууралуу эреже болгон. Муну Жонатан жокко чыгарган болчу, эми кайра ага кайткан турушат. Ал эми кимиси президент, кимиси вице-президент болушу Америка менен Британиянын таасир күчүнө карай болот.

в) Шайлоолор дагы жылдырылышы ыктымал, же мурунку шайлоолордо болгондой, Америка компьютер оюнун ишке салуу менен жаңы мөөнөттө өткөзүшү мүмкүн. Бул эки абалда тең зордук-зомбулук окуялары күч алып, анын жалынында адамдар, айрыкча, мусулмандар күйөт.

г) Же Аллах бирер таасир өткөзө ала турган исламий журтта рашид Халифалык тикелениши менен Үммөттү икром кылышы мүмкүн. Ошондо колонизатор капырлар жүрөгүнө коркуу кирет да, алар Ислам жана анын калкына каршы тил бириктиришке эч качан батына албай калышат. Ошентип, Нигериядагы жана башка жердеги мусулмандар азиз болот.

***«Албетте Аллах Өзүнө*** *(т.а. динине)* ***жардам бере турган заттарды үстөм кылып коёт. Шексиз, Аллах Күчтүү,Азиз»*** [Хаж 40]

**26- робиус саний 1436-х.**

**15 -февраль 2015-м.**

## Өзбекстандагы акыркы саясий окуялар

**Биринчи**: Жакында, 2005-жылы 29-июнда интернетте Усман Хакназаров деген өзбекистандык саясат таануучунун бир макаласы пайда болду. Бу макала Анжиян окуялары туурасында болуп, автор анда Каримов менен анын атайын күчтөрүнүн Анжиян кыргынында ойногон ролу жөнүндө сөз кылат. Автор ушуну менен бирге Америка, Россия жана Россия Федералдык коопсуздук кызматынын атайын тобунун бул окуялардагы ролу жөнүндө да сөз кылат. Автордун айтымында, бул атайын топтор 2005-жылы 8-майда Россия аскердик транспорт самолётунда Тюмень областынан Ферганага алып келинген. Кийин автор (Израил)дин бул окуяларда ойногон этибарды тарта турган даражадагы ролу жөнүндө да сөз кылат. Биз бул макаланын текстин маалымат катарында жигиттер этибарына сунуш кылабыз:

**Израилдин Анжиян окуяларындагы ролу**

2005-жылы 10-майда эки самолётто Израил разведкасы «МОССАД»дын атайын күчтөрү болгон «Лакам» бөлүгүнөн 500 аскер Кабулдан Ташкентке алып келинди. Ушул күндүн өзүндө бул аскерлер өз багытын өзгөртүп, Анжиянга жол алышты. 11-майда алар үчүн Анжиян көчөлөрү бойлоп «атайын саякат» уюштурулду. Бул «саякат»тан көздөлгөн максат, келерки операцияны өткөзүү үчүн Анжиян «сахнасы» менен «ыйык жер»ден келген бул «мейман»дарды тааныштыруу эле. «Саякат»ка «тандалган жетишкен улуттун» дагы бир өкүлү Владимир Адольфович Мамо башчылык кылды. Ал энеси тарабынан жөөт. Ал Өзбекистан Ички иштер министрлигинин ички күчтөрү карамагындагы 7320-номерлүү «ыкчам жооп корпусу» деп аталган аскердик бөлүмдүн башчысы, чини генерал-майор. Ал Ислам Каримовдун эң ишеничтүү кишилеринен.

**Владимир Мамо Анжиянга 10-майда келди**

Кызык фактылардан дагы бири, «Лакам»дын мурунку башчысы Рафаэл Эйтан 10-май менен 20-май аралыгындагы мезгилде Ташкентте эле. Демек,

ушунусу анык, «МОССАД» разведка кызматынын атайын күчтөрүнүн мурунку башчысы Каримов менен Израил ортосундагы келишүүнү Анжиянда агенттер жана «МОССАД» күчтөрү жардамында ишке ашыруу операциясын көзөмөлдөө үчүн Ташкентте болгон.

13-майда «Лакам»дан бир бөлүк (300 аскер) Бабур майданына алып келинди. Владимир Мамо командачылыгындагы бул күчтөр Бабур майданында Анжиян бийлиги имаратынын алдында жайыла жайгаштырылды. Аларды демонстрацияга келе жаткан адамдарга бетме-бет тура турган кылып жайгаштырышты. «МОССАД»дын атайын күчтөрүнүн аскерлери кара маска кийип алышкан эле. Адамдар жана журналисттер алардын жүзүн эстеп калбашы же аларды сүрөткө албашы үчүн ушундай кылынды.

Анжиянда тынч демонстрацияга чыккан адамдарга биринчи болуп ок аткан «Лакам» аскерлери болду. Тынч жарандарды кыргын кылуу учурунда алар өтө мыкаачылык менен иш тутушту. Алар, ал тургай, аялдар жана балдарга карата ок атышты. Бул аскерлердин кара чүмбөт кийип алгандыгына жана бейтааныш чет тилинде бири-бири менен сүйлөшкөнүнө, жараланган балдарды о.э. аялдар жана кары жаштагы кишилерди кандай кууп өлтүрүшкөнүнө Анжиян калкынын көпчүлүгү күбө. Бул аскерлердин мыкаачылыгы өзбек атайын күчтөрүн таң калтырып койду.

Кийинки күнү т.а. 2005-жылы 14-майда демонстранттарга (эң кеминде үч кишиге) ок атуу милдети Каримовдун буйругу менен өзбек күчтөрүнүн жана атайын күчтөрдүн желкесине оодарылды. Аскерлер адамдарга карата Калашников автоматтарынан жана БТРлер үстүнөн туруп ок атуу туурасында буйрук алышкан учурда, көп аскерлер дахшатка түшүп ыйлай башташкан. Ислам Каримов өзбек аскерлери арасында элге жан тартуу жана коркуу бар экендигин көрүп, дароо ички иштер министри Закир Алматовду чакырып: «Сенин аскерлериң голубой экен», - деп сөгүп, акаарат кыла баштады. Себеби, ал мына ушул аскерлерден адамдарга карата ырайым пайда болушун

күтпөгөн эле. Каримов каарданып, эгер буйрук аткарылбаса асып өлтүрүшүн айтып, Алматвду коркутту. Ал Алматовго: «Сени да, сенин ошол бачабоз, коркок аскерлеринди да жөөттөр (т.а. «Лакам» аскерлери) канга бөлөшөт», - деп ачык айткан.

Буга жооп катары Алматов башкы командачынын т.а. Ислам Каримовдун буйруктарын аткарбаган ар бир адам өлтүрүлөт деп убада берген. Аскерлердин тынч жарандарга ок атуусунан мурун кара чүмбөт кийген кимселер («Лакам» аскерлери) бул аскерлерге көрсөтүлгөн.

Алматов жана Владимир Мамо аскерлер алдында сөз сүйлөп, чүмбөт кийген ошол кимселерди тааныштыруу үчүн: «Булар Ислам Абдуганиевичтин атайын жогорку күчтөрү. Алар силердин Ислам Абдуганиевичтин буйруктарын кандай аткарышыңарды көзөмөлдөө үчүн келишкен. Алар силердин артыңарда турушат. Эгер демонстранттарга ок атпай турган болсоңор, алар («Лакам» аскерлери) башыңарга атат. Муну эстен чыгарбагыла!», - деп кайра-кайра уктурушту.

Ушуга карабастан, өзбек аскерлеринин бир аз бөлүгү адамдарга карата от атуудан баш тартышкан. Ошондо Каримовго караштуу Анжиян «командачысы»нын аскерлери демонстранттарга от атууга мажбурлоо үчүн опузаларды жана кызыктыруучу нерселерди ишке салууга токтом кылышкан. Баш тарткан аскерлерди демдендирүүчү каражат деп таанылган «бромоктан» деген дары менен да эмдешкен.

Ошондон кийин макала автору бул окуялар атайын топ тарабынан видеого алынып, видеотасма ар бир үч саатта Каримовго жиберилип турулганын, себеби, Каримов мындай окуяларды көрүп ыракаттанышы анык экендигин айтып өтөт. Автордун дагы айтышынча, Америка жана Израил спутниктери бул окуяларды абдан анык сүрөткө алган. Автор Өбзекистан Улуттук коопсуздук кызматынын божомолдоруна сүйөнүп, бул окуяларда 3000ден 3200гө чейин киши өлтүрүлгөнүн, аскердик самолёттордо 2000ден көбүрөөк жасат Ташкент вилаятына алып келинип, түрдүү өлүкканаларга

бөлүштүрүлгөнүн, айрым жасаттар болсо, Өзбекистан түндүгүндөгү Каракалпакстанга (Жастыкка) алып келинип, көмүп ташталганын кошумча кылат. Макала аягында автор бул окуяларды уюштуруп, ишке ашыргандардын жалпы жана жекече максаттарын айтып өтөт. Бул мыкаачылык чабуулдарын ишке ашыргандардын жалпы жана жекече максаттары болгон. Жалпы максаттарга келсек, алар төмөнкүлөр: Дүйнө коомчулугун Өзбекстанда Украина, Грузия жана Кыргызстанда болгону сыяктуу кансыз, жумшак («жибек сымал») усул менен бийликти алмаштыруу эч качан мүмкүн эместигине ишендирүү;

•Дүйнө коомчулугун Өзбекстандагы режимди өзгөртүүнүн ар кандай «жибек сымал» вариянтын ишке ашырууга урунууда бийликке динди турмуштан ажыраткан илмания эмес, балким, диний күчтөр келиши мүмкүндүгүнө ишендирүү;

•Дүйнө коомчулугун өзбек калкы менталитетинин артталыгы жана демократияга даяр эместиги себептүү «жибек сымал» төңкөрүштөргө даяр эместигине ишендирүү;

•Дүйнө коомчулугун Ислам Каримов өкмөтү Өзбекистанда шаръий мамлекет курууга умтулуп жаткан радикалдык Ислам топтору жолундагы жалгыз тосмо экендигине ишендирүү.

**Экинчи**: Хакназаров аттуу саясат таануучу 2005-жылы 30-июнда экинчи макаланы жазды. Ал бул макалада Каримовдун өмүрү, анын келип чыгыш теги жөөт экендиги жөнүндө айтат. Жигиттерге маалымат катары биз анын кыскартылган текстин келтиребиз:

Ислам Абдуганиевич Каримов 1938-жылы 30-январда Самаркандда жумушчу-кызматчынын үй-бүлөсүндө дүйнөгө келди. Анын атасы ирандык болуп, аты Абдугани , энеси болсо тажик улутуна таандык, аты Санабар эле. Алар Самарканддагы айыл чарба продукцияларын даярдоочу конторада (заготконтора) иштешер эле. Ислам Каримов туулган убакта т.а. 1938-жылы аянварь айында анын атасы камакта, жаза мөөнөтүнүн үчүнчү жылын өтөп

жаткан эле. Абдуганы Каримов «социалистик мүлк»тү уурдаган деп айыпталып, беш жылга т.а. 1936-жылдан 1941-жылга чейин камак жазасына өкүм кылынган эле. Бул маалыматтар ошол доордогу архив документтеринен алынды. Демек, мындай суроо туулат: Абдугани Каримов 1936-жылы камакка түшүп, 1941-жылга чейин камакта отурса, анан кантип Ислам Каримов 1938-жылы туулушу мүмкүн?!

1941-жылы Абдугани Каримов камактан чыгып келет да, үйгө келип бир жаңы бала (Өзбекистандын болочок президенти) пайда болгонун көрөт. Ошондон кийин үй-бүлөлүк жаңжалдардын арты көрүнбөйт. Абдугани эки сезим арасында калат: ал бир тараптан аялынын кыянаты себептүү өзүнүн кордолгонун сезип, аялын талак кылууну ниет кылса, экинчи тараптан Исламдан мурда туулган эки жаш баласына боору ооруйт эле, 1937-1938-жылдардагы ачарчылыктан кийинки оор күндөрдө бул эки баланын тагдыры эмне болорун ойлоп, ташбишке түшөр эле. Санабар өзүнүн эмнеге кыянат кылганын түшүндүрүп, эң жаман жыл болгон 1937-жылы өзүн жана эки баласын багуу үчүн эрине кыянат кылууга мажбур болгонун айтат.

1937-жылы Советтер союзундагы ачарчылыктан баарынын кыйналганы жалпыга маалым. Эри камалып, өзү жалгыз калган Санабар Каримова өзүнүн жана эринин башчысы болгон Исхак Мирзакандов менен күнөө иш кылууга мажбур болот. Мирзакандов ошол убакта Самарканддагы эң абройлуу жөөттөрдүн бири эле. Мирзакандов Самарканддагы таанымал соодагерлер үй-бүлөсүнөн болуп, ал Кошмо штаттар  жана Канададагы бухарий жөөттөрү конгрессинин башчысы, келип чыгышы самарканддык болгон Борис Кандовдун (Барух Конт) туугандарынан эле. Самарканддын бүткүл жөөт кварталы Каримовдор үй-бүлөсүндөгү акыркы бала Исхак Мирзакандовдун уулу экендигин жана анын жашыруун (чыныгы) аты Ислам эмес, Исхак экендигин жакшы билишер эле.

Көптөгөн жаңжал жана катуу таяктоолордон кийин Абдугани Каримов аялын кечирүүгө ыраазы болду. Бирок, бул үчүн бир нерсени т.а. зынадан

туулган баланы жетимканага жөнөтүп жиберүүнү шарт кылып койду. Ошентип, Өзбекстандын болочок президенти Самарканддагы жетимканага жөнөтүлдү. Бирок, 1942-жылы т.а. жетимканалар жана башбаанектер немис фашисттери менен согушуп жаткан Россиядан келтирилген жетимдер менен толуп-ташып кеткен убакта, Абдугани Каримов «бөбөк энеси кылган иш үчүн күнөөкөр эмес-го» деген ой менен Исламды (Исхакты) үйгө кайта алып келүүнү чечет.

Бирок, эч канча убакыт өтпөй т.а. 1945-жылы Исламды (Исхакты) дагы жетимканага кайтарып жиберет. Себеби, жетимканада тарбияланган Каримов убакыт өтүшү менен Абдугани Каримовдун балдарына (Ибад жана Кундуз Каримовдорго) өтө ырайымсыз болуп барды. Мындан тышкары, коңшулардыкына уурулукка түшөр эле жана коңшу балдарды ырайымсыз таяктар эле. Исламдын (Исхактын) бейбаштыгы ал мектепте окуган кездерде адамдарга жакшы белгилүү болуп калган эле. Себеби, ал мектепте 7-8-класстарда окуп жүргөн кездеринде эле Самарканддагы Сияб базарынын белгилүү уурусуна айланып үлгүргөн эле. Бул базарда соода кылуу үчүн келе турган дыйкандар ага «коон уурусу» деп ат коюшкан эле. Мектептин жогорку класстарында окуп жүргөн кездерде болсо, классташтарына анын жаңы мүнөздөрү маалым болуп калды. Ал классташ кыздарды урар эле (негизинен тажик, өзбек жана орустарды), мугалимдери ага төмөн баа коюшкан кезде аларга бычак көтөрүп, тап кылар эле. Классташтарынын биринин кийинчерээк маалым кылышынча, Ислам (Исхак) жөөт балдар менен гана достошор эле. Жөөт балдар аны ар дайым коргошор эле… Ошол жөөт балдардын өз ата-энелеринен «мусулман» Исламдын теги өз улутташы т.а. жөөт экендигин жана анын чыныгы аты Исхак экендигин угуп-билгендиктери көрүнүп турат. Дагы бир классташынын маалым кылышынча, Ислам (Исхак) мектепте эки жана үч деген бааларга окуган, мектепти – анын өмүрү жана иши жөнүндөгү кээ бир китептерде жазылгандай – алтын медаль менен бүтпөгөн.

Макала автору сөзүн Исламдын (Исхактын) кийинки жылдарын, амалий турмушун кандай баштаганын, биринчи аялы Наталья Петровна (Пинхусовна) Кучмиге кандай үйлөнгөнүн сүрөттөө менен улантып, алардын 1966-жылы туулган Пётр Исламович (Исхакович) Каримов (Мирзакандов (Конт)) аттуу уулу болгондугун айтат. Автор анын экинчи аялы Татьяна Акбаровна Каримова жөнүндө бул аялдын тажикистандык экени, энеси жөөт экени жөнүндө да сөз жүргүзүп, бул аял Советтер союзунун коммунисттик партиясынын борборбук комитетиндеги эки алыскы тууганы (Лигачёв жана Яковлев) аркылуу Исламга (Исхакка) кандай жардам бергендигин жана акыры келип Исламдын (Исхактын) Өзбекистанга кантип президент болуп калгандыгын айтат. Андан кийин автор Исламдын (Исхактын) Өзбекистанга президенттик кылган жылдары жана анын өз айланасына жөөттөрдөн турган кадрларды кандай топтоп алгандыгы жөнүндө сөз жүргүзүп, төмөндөгү кызык фактыны келтирет:

Жөөттөрдүн Ислам (Исхак) Каримовду (Мирзакандов (Контту)) колдоп-кубаттоолору анын Кошмо штаттарга 2002-жылы 3-мартта кылган сапарынан кийин даана көзгө таштала турган болуп калды. Ал «**Be'er Hagolah Institutes**» аттуу жөөт уюмуна барган кезде ага «Эл аралык деңгээлдеги жетекчи» деген наам берилди. Түбү ташкенттик, Каримов режимин колдоп-кубаттоочулардын бири болгон Лев Авнерович Левиев (Леваев) башчылыгындагы Дүйнө жөөттөрү конгресси болсо, Каримовду «Улут алдындагы кызматтары үчүн» аттуу орден менен сыйлады.

Кийин автор азыркы Өзбекстан өкмөтүндө, анын аймактык кеңселеринде, экономика тармагында, коопсуздук бөлүмдөрүндө, ички иштер, финансы жана эмгек министрликтеринде иштеп жаткан жөөттөрдүн аттары жазылган тизмени жана Каримовдун жогорку кеңешчиси Владимир Бронштейндин сөздөрүнөн төмөндөгү үзүндүнү келтирет:

«Биз (т.а. жөөттөр) бийликти оңойлук менен берип койбойбуз. Бийликти аборигендерге берип койгондон көрө, бүткүл Өзбекстанды атып таштайбыз, аны экинчи Палестинага айландырабыз».

**Усман Хакназаров келтирген тизмедеги кээ бир аттар төмөнкүлөр:**

•Биченов Олег Ревазович - Ташкент ш. ИИББсинин терроризм менен күрөш бөлүмүнүн башчысы;

•Бугров Борис Иванович - 80-жылдарда Өзбекстан КП БК соода жана коммуналдык кызмат бөлүмүнүн башчысы, азыркы учурда ӨзР Олий Межлисинин раисинин орун басары;

•Гадоев Эркин - Өзбекстан Салык Комитети раисинин жардамчысы;

•Ганиев Эляр Мажидович – эне тарабынан жөөт (энеси - Эмма Ганиева (Петросова)), ДХ генералы, премьер-министрдин жардамчысы, Өзбекистан тышкы иштер министри;

•Гофуров Абрахим Усманович - Өзбекстан «Улуттук тикеленүү» демократиялык партиясынын раиси, Өзбекстан Олий Межлисинин информация жана басма сөз комитети раисинин орунбасары;

•Гуревич Михаил - Өзбекстан ИИБ жаза өтөө (камактар) башкы башкармалыгы башчысынын орунбасары;

•Гускова Татяна Николаевна – финансы министринин 1-орун басары, ӨзР экономикалык изилдөөлөр Борбордук Координациялык Советинин мүчөсү;

•Жумаев Рустам – Өзбекстан президентинин басма сөз катчысы;

•Зинин Вячеслав Иванович – Өзбекстан финансы министринин орун басары;

• Иномова Светлана Турсункожаевна - Өзбекстан Республикасы премьер-министринин орун басары - Өзбекстан кыз-келиндер комитетинин башчысы, Өзбекстан синхрондук сүзүү Федерациясынын жана стол тенниси Федерациясынын башчысы;

•Исаев Рустам Якубович - КМШ подполковниги, Өзбекстандын Түркиядагы элчиси;

•Исраилов Улугбек - Өзбекстандын Жидда шаарындагы (Саудия Арабстаны) башкы консулу;

•Калонов Б.Х. – Наваий вилаятынын мурунку Прокурору, Бухара жана Наваий вилаяттары боюнча диний жамааттар, агымдар жана топтор ишмердүүлүгүн изилдөөчү Жумушчу тобунун мүчөсү, Диний жамааттар, агымдар жана топтор ишмердүүлүгүнүн мыйзамдуулугун үйрөнүүчү Соттор аралык комиссиянын мүчөсү;

•Караматов Хамидулла Саадуллаевич - Өзбекстандын Франциядагы элчиси;

•Кадиров Рашиджан Хамидович – Өзбекстан башкы прокурору;

•Кучерский Николай Иванович - Наваий ТМКнын (уран жана алтын казып чыгаруу) башкы директору, Өзбекстан «Кызылкумредметзолото» Мамлекеттик концерни мекемесинин башчысы;

•Кучеров Вадим Петрович - «В.П.Чкалов атындагы Ташкент авиация иштеп чыгаруу бирикмеси» мамлекеттик авиация бирикмесинин (ДАБ) башкы директору, кеңсе башчысы;

•Мамо Владимир Адольфович - Өзбекстан Ички Кошуун ыкчам корпусунун командачысы;

•Пачес Александр - Өзбекстан ИИБ Ички Кошуунун өтө маанилүү обьекттерди коруктоочу бригадасынын командачысы.

## Өзбекстан-АКШ алакасы тууралуу

**Суроо:** *2015-жылы 27-август күнү Америка мамлекеттик катчысынын Борбор Азия иштери боюнча жардамчысы Өзбекстанга келди. Мындан бир ай мурун т.а. 2015-жылы 27-июлда Америка куралдуу күчтөрүнүн борбордук командачысы Өзбекстанга келген болсо, андан бир аз мурун т.а. 2015-жылы 12-июнда БУУнун башкы катчысы Өзбекстанга сапар жасады... Бул*

*удаама-удаа сапарлар Америка-Өзбекстан алакаларынын бекемдигине далилби? Же алакалардын алсыздыгына жана ишенимдин жоктугуна далилби? Америка Россия бул алсыздыктан пайдаланып Өзбекстанга өз таасирин өткөрүшүнөн тынчсызданып, алакаларды күчөтүү үчүн бул сапарларды тездетип жатабы? Бул, суроонун бир бөлүгү, суроонун экинчи бөлүгү – тогуттун кызы жана Россия жөнүндө. Себеби, тогуттун кызы атасынын ордун ээлеши туурасында имиш сөздөр тарап, тогуттун башкаруусу дагы узартылгандан кийин азыр анын кызы үй камагында жатат. Бул нерсе тогуттун кызы Россия менен алакада болгонун, бул алака ашкере болуп калгандан кийин үй камагына алынганын түшүндүрөбү же башка себептер барбы? Суроо ар түрдүү болуп калганы үчүн кечирим сураймын. Тезирээк жооп беришиңизди суранамын, ал тургай, Жакынкы Чыгыштагы окуялар буга караганда маанилүү болсо да, бирок, бул, өз регион региону үчүн абдан маанилүү жана таасирге ээ. Аллах сизге жакшылык тартууласын.*

**Жооп:** Сизди айыптабайбыз, инша Аллах, суроoңузго жооп беребиз:

Биринчи: Сапарлар маселеси:

Суроого жооп берүү үчүн бул сапарларды жана алардын маалымдалган максатын, бул максаттын артында эмне турганын карап чыгабыз:

1 – Америка мамлекеттик катчысынын Борбор Азия иштери боюнча жардамчысынын орун басары Дэниэль Розенблюм 2015-жылы 27-августта Өзбекстандын борбору Ташкентте болгон учурунда берген билдирүүсүндө: «Кошмо Штаттар Өзбекстандан эл аралык коалицияга кошулуп, «ИШИМ» экстремисттик уюмуна каршы согушууну талап кылды», - деди. Ал дагы: «Кошмо Штаттар башчылыгында Сирия жана Иракта «Ислам Мамлекети» уюмунун мүчөлөрүн бомбалап жаткан коалиция аскерий курамдан турат, андан тышкары террорчуларга агып келип жаткан каражаттарды токтотууну көздөгөн иш-аракеттер да алып барылууда, коалиция адамдардын чегаралардагы кыймыл-аракети тууралуу маалыматтарды чогултат,

коалициянын иш-аракети мындан башка дагы беш же алты багытты камтыйт, Өзбекстан же башка ар кандай мамлекет ушул курамдык бөлүктөрдүн бирине же көбүрөөгүнө салым кошууну тандай алат», - деди. («Рейтер», 2015-жыл, 27-август.)...

•Демек, Америка Өзбекстанды «Ислам Мамлекети» уюмуна жана «терроризмге» каршы күрөш деген шылтоо менен өзүнүн коалициясына тартмакчы болууда. Мындан, Өзбекстанды өзүнө жакшыраак байлап алуу жана өзүнүн жетекчилиги астына алуу көздөлгөн. Америка муну Афганистанды басып алган кезде да тажрыйбадан көргөн. Себеби, ошондо Америка Өзбекстанды ушул согушта ал тарапта турууга, анын Афганистанга өтүү кыймылын жеңилдетүүгө мажбур кылган. Ошол кезде Америка Афганистанга аскерий жардамдар жеткирилишин камсыздоо үчүн Өзбекстанда бир аскерий база да курган болчу. Ал эми, азыр Америка ИШИМ уюмуна каршы согушту шылтоолоп, Өзбекстан менен болгон алакаларын бекемдеп алмакчы. Америка мындан Өзбекстанда өзүнүн таасирин күчөтүүнү жана Өзбекстанды өзүнүн коалициясындагы өкүмдарлык-кожоюндугу астына киргизүүнү көздөгөн.

2 – Өзбекстандын расмий маалымат агенттиги 2015-жылы 27-июлда Америка куралдуу күчтөрүнүн борбордук командачысы Ллойд Остин Өзбекстанга келип, өзбек президенти Каримов менен жолугушканы тууралуу кабар таратты. Каримов аны алкыштап: «Түрдүү даражадагы жана багыттардагы үзгүлтүксүз диалогдор Өзбекстанга жана Кошмо Штаттарга түрдүү тармактарда өз ара пайдалуу кызматташтыкты өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн берет», - деди. Агенттик дагы кошумчалап: «Жолугушуу учурунда кээ бир эл аралык маселелер, айрыкча, региондо тынчтыкты жана туруктуулукту камсыздоо үчүн өз ара кызматташтык маселелери талкууланды о.э. Афганистан маселесин тынч жолдор менен чечүү тууралуу пикир алмашуу болду», - деди.

•Бул болсо, Америка «өз ара пайдалуу кызматташтыкты өнүктүрүү» деген чүмбөт астында Өзбекстанда түрдүү тармактарда өз таасирин бекемдөө үчүн жаңы ыкмаларды издеп жатканына ишара кылат. Бул кызматташтык бир тармакка гана чектелип калбастан, түрдүү тармактарды өз ичине алат. Себеби, ал – кабарда келгендей – Американын Афганистанда турушун колдоп-кубаттоо үчүн кызматташууну жана Өзбекстанды Американын Сирияда алып барып жаткан согушундагы коалициясына кошууну о.э. Өзбекстан Американын таяныч базасына айланып Американын Орто Азия регионунда турушун бекемдөөнү камтыйт. Мына ошондо Америка бул базадан туруп Өзбекстанга коңшулаш мамлекеттерге т.а. Казакстан, Түркмөнстан, Кыргызстан жана Тажикстанга тумшугун сала турган болот. Себеби, бул региондун байлыгы көп болгондуктан ал мамлекеттердин бардыгы Америка үчүн абдан маанилүү... Мисалы, Германиянын «Дер Шпигель» гезити 2015-жылы 15-апрелде өзүнүн Ташкенттеги кабарчысынын отчётунда төмөнкүлөрдү билдирди: «... Өзбекстан өтө чоң өлчөмдөгү уран жана жаратылыш газынын запастары менен бирге көптөгөн байлыктарга ээ, мындан тышкары, ал жерде алтын кендери да бар. Өзбекстан дүйнөдө пахта өстүрүлгөн эң чоң булактардын бири...». Дагы бир маанилүү нерсе – бул Россиянын атаандаштыгы. Себеби, Россиянын вужуду жана таасири бул региондо түрдүү деңгээлде дале сакталып калууда. О.э. бул регион Кытай менен чектешет. Ошондуктан, Америка Кытайды ушул тараптан курчоого алып, ал жердеги ишмердүүлүгүн көзөмөл кылмакчы.

3 – Өзбекстан маалымат агенттиги 2015-жылы 13-июнда БУУнун башкы катчысы Пан Ги Мундун Өзбекстанга келгени жөнүндө кабар таратты. Өзбекстан президенти Каримов «БУУнун башкы катчысынын Борбор Азия мамлекеттерине, айрыкча, Өзбекстанга региондогу кырдаалды жакындан үйрөнүү жана маанилүү маселелер боюнча пикир алмашуу максатында жасаган бул сапары маанилүү экенин» баса белгилеп алкыштады. Агенттик Пан Ги Мундун «Өзбекстан миң жылдык өнүгүү,

мыйзам үстөмдүгүн камсыздоо, адам, эне жана бала укуктарын коргоо жана билим берүү системасын өнүктүрүү максаттарына жетишүүдө бир катар утуштарга жетишкенин, бул утуштарга адам кызыкчылыктарын камсыздоону көздөгөн социалдык жана экономикалык реформаларды жүргүзүү аркылуу жетишилгенин» көрсөтүп өткөнүн билдирди. Пан Ги Мун «Афганистанда тынчтыкты камсыздоо жаатындагы Өзбекстандын ролун жана БУУнун 2016-2020-жылдарга болжолдонгон өнүгүүнү колдоп-кубаттоо программаларына кол коюу маанилүүлүгүн» да көрсөтүп өттү. Агенттик мындай деп кошумчалады: «Сүйлөшүүлөр учурунда регионалдык жана эл аралык маселелерге тиешелүү бир нече маселелер, Өзбекстандын БУУ, анын бөлүмдөрү жана атайын фонддору менен кызматташуу жолдору талкууланды»...

•Пан Ги Мун адам укугу жөнүндө айткан болсо да, бирок, муну баса белгилебестен уялуу менен айтты. БУУ радиосу 2015-жылы 12-июнда өзүнүн сайтында «Пан Ги Мун Өзбекстанда» деген темада ушуларды билдирди: «БУУ башкы катчысы Пан Ги Мун Өзбекстан борбору Ташкентте өлкө президенти менен жолугушуу учурунда мындай деди: «Адам укуктарысыз тынчтыкка жана өнүгүүгө жетишүү мүмкүн эмес...». Пан Ги Мун президент Ислам Каримовду «мыйзам үстөмдүгүнө амал кылып жатканы» үчүн алкыштады, бирок, ал «жазып коюлган мыйзамдар адамдардын турмушунда болушу зарыл экендигин» айтты. Пан Ги Мун «БУУ Өзбекстанга негизги эркиндиктерди колдоп-кубаттоодо жана коргоодо жардам берүүгө даяр экендигин» баса белгиледи».

Бирок, Пан Ги Мун – жогоруда айтып өткөнүбүздөй – Каримовду жана анын башкаруусун көккө көтөрүп мактады. Буга таң калуунун кажети жок. Себеби, Пан Ги Мун – Америка жүгүртөктөрүнүн бири. БУУ башкы катчысы Американын буйругу менен иш кылышы жана саясаттарын ишке ашырышы баарыбызга белгилүү. Демек, анын бул сапары да мына ушул алкакта болду. Бул сапардан, Өзбекстанды Америка тарапка дагы да көбүрөөк тартуу

көздөлгөн. Пан Ги Мундун бул сапары Каримов режиминин жүзүн жасап-түзөп көрсөтөт, бул тогуттун адам укугу деген нерсени тебелөө деп эсептелген кылмыштарын жаап-жашырат жана бул тогуттун жаңы мөөнөткө «шайланганын» куттуктап алкыштайт. Америка бул тогуттун ыплас жүзүн Пан Ги Мундун бул сапары аркылуу жакшы көрсөтүүгө аракет кылуу менен гана чектелбестен, мындан бир аз мурун мыйзамчылар делегациясын да жиберди. Бул тууралуу Өзбекстан маалымат агенттиги 2015-жылы 4-июнда мындай деп билдирди: «Ташкент мамлекеттик юридикалык университетинде АКШ федералдык мыйзамчылык борборунун директору Жереми Фогел башчылыгындагы Америка мыйзамтаануучулары делегациясы менен жолугушуу болуп өттү. Жолугушуу учурунда Өзбекстанда демократиялык реформаларды жана жарандык коомду өнүктүрүү алкагында укуктук мыйзамчылык түзүмүндө түптөн реформалар жүргүзүлүп жатканы жана бул тармак үчүн кадрлар даярдалып жатканы көрсөтүлүп өттү». Бул нерселерден, бул тогуттун ыплас жүзүн – кудум, ал залим жана жырткыч эместей т.а. анда сот жана мыйзам бар сыяктуу – жакшы кылып көрсөтүү көздөлгөн!

Обама жакында эле тогут Каримовду куттуктаган болчу. Т.а. Обама бул тогутту 2015-жылы 29-мартта жасалма, ыплас, жалган «шайлоо» өткөрүп бийлигин беш жылга узартып алгандыгы менен куттуктады. Бул «шайлоо» ушунчалык «таза» өткөрүлгөндүктөн улам тогуттун шайлоодогу «атаандаштары» шайлоо кампанияларында тогуттун пайдасына агитация кылышты!!! Ошого карабастан, Америка да, БУУ да бул шайлоону сындап чыккан жок, тескерисинче куттуктап алкыштады!!! Ал тургай, бул «шайлоодон» бир ай мурун т.а. 2015-жылы февралда Вашингтон Өзбекстанды 300 бронетехника менен камсыздоого макулдук берди. Тогут Каримовдун Өзбекстан калкына каршы куралдуу күчтү колдонгонун Вашингтон билмексен болуп калды!!! Булардын бардыгы Американы жана БУУну шайлоолордун таза жана олуттуу өткөрүлүшү таптакыр кызыктырбастыгын, тескерисинче, бул шайлоолордун натыйжалары ушул

экөөнүн пайдасына, аныгыраак айтканда, Американын пайдасына чечилиши гана кызыктырышын даана көрсөтүп турат. О.э. бул айтылгандар Америка Каримовду бул региондогу өзүнүн бир таянычы деп эсептешин да көрсөтөт. Ошондуктан, Америка бул тогутту өз чеңгелинен чыгарбоо үчүн болгон күчүн жумшап жатат.

4 – Бирок, бул нерселер Америка «Россия Өзбекстанга таасир өткөрө албайт» деп кадыржам деген маанини түшүндүрбөйт. Себеби, Россия Өзбекстан менен алакаларды бекемдөөгө жана Каримовду өзү тарапка тартууга аракет кылып келген, дагы эле аракет кылып жатат. Өзбекстан КМШнын аскерий-коопсуздук канаты болгон «Жамааттык Коопсуздук Келишими Уюмунан» 2012-жылдын жарымында чыгып кеткен болсо да, бирок, ал «Шанхай кызматташтык уюмуна» дале мүчө. Ал эми, Россиянын бул уюмдагы таасири баарыбызга белгилүү, бул уюм 2015-жылы 8-июлда жыйын өткөрдү. Бул жыйында Путин 2015-жылы 10-июлда Өзбекстан тогуту Каримов менен жолугушту, жолугушуу учурунда эки мамлекет ортосундагы алакалар талкууланды жана Путин Каримовго Россияга расмий сапар менен барууну сунуштады. Белгилүү болгондой, бул эки мамлекет быйыл эки мамлекеттин ортосунда союздаштык алакалар келишими түзүлгөнүнүн 10 жылдыгын белгилейт. Россия Өзбекстандын соода-экономикалык жана инвестиция тармактарындагы эң маанилүү шериктеринин бири болуп эсептелет. Ошондуктан, эки мамлекет ортосундагы өз ара соода көлөмү көбөйүп бара жатат. 2014-жылы бул көрсөткүч 6 миллиард Америка долларынан ашкан!

Эскерте кетүүчү нерсе, орус президенти Путин өткөн жылдын аягында Өзбекстанга келип, Өзбекстан карызынын 860 миллион долларын кечип жибергендигин жарыялады. Бул болсо, Россия Өзбекстанга таасир өткөрүү үчүн таштаган кадамдарынын бири болушу мүмкүн. Кремлдин билдирүүсүндө келгендей, Каримов ошол сапар учурунда Путинге мындай деген: «Россия ар дайым Орто Азияда бар болот жана анын кызыкчылыктары

туруктуулукту бекемдөөдө маанилүү роль ойноп келген». («DPA», 2014-жыл, 11-декабрь). Россиянын бул аракеттери күзөтүүчүлөргө анык байкалып турат. «Франс Пресс» агенттиги 2015-жылы 29-мартта «шайлоо» жөнүндө кабар берип, мындай деп жазды: «Американын Каримовго жардам көрсөтүүсү улануууда. Россия болсо Каримовду өзү тарапка тартууга дагы аракет кылды. Себеби, Путин декабрда Ташкентке келип, Каримовду Москва башчылык кылып жаткан Евразия экономикалык биримдигине кирүүгө көндүрүүгө аракет кылды. Бирок, Каримов муну четке кагып «өз мамлекетинин эгемендүүлүгүн саясий уюмдардан алыс туруу менен сактап калмакчы экенин» айтты». Демек, Россия Каримовду өзүнүн «огуна» кайтарууга үмүтүн үзбөй аракет кылып жатат. Ушул максатта Россия – Америка менен бекем алакада экенин билсе да – бул тогут менен алакаларын күчөтүүгө аракет кылууда.

5 – Шек-күмөнсүз, Америка Россия менен Өзбекстан ортосундагы бул тартышууларды жакшы билет. Бирок, «тараза ташы» күчтүү көрүнүштө Америка тарапка басып жатат. Ошондуктан, Америка өзүнүн Өзбекстандагы таасири күчтүү экенине ишенет. Бирок, Америка учурда Россия Өзбекстандан оңойлук менен баш тартпашын жакшы билет. Ушуга ылайык, күчтүүрөөк ыктымал мындай: америкалык жооптуулардын Өзбекстанга бул удаама-удаа сапарларынан тогутту колдоп-кубаттоо, аны бекемдөө, анын жүзүн жакшы кылып көрсөтүү, мына ошондон кийин ага күчөп баруучу зарядды берүү көздөлгөн. Америка бул тогутка: Россиядан коркпо... себеби, биз сени бардык тарабыңдан коргойбуз, - деп айтып жаткандай! Булардын баарынан Америка өз таасирин Өзбекстанга өткөрүүнү улантып, бул тогутту Россия тараптан келе турган ар кандай коркунуч же зыяндан сактап калуу максат кылынган.

Экинчи: Сиздин тогуттун кызы жана анын Россия менен алакасы о.э. анын үй камагына алынгандыгынын себеби туурасындагы суроонузго келсек, бул ыктымалдан алыс. Себеби, тогуттун кызынын иш-аракети орустар өз

таасирин Өзбекстанга киргизүүдө таянууга арзыбайт. Тогуттун кызынын бул иш-аракеттери, ал саясат жана башкаруу адамы экенинен көрө көбүрөөк алаңгазарлыкка, бузгунчулук жана коррупцияга жакынырaак. Ошондуктан, күчтүүрөөк ыктымал ушул: тогуттун кызынын бул иш-аракети акмак алаңгазарлык болуп эсептелет. Анын коррупцияга малынгандыгы атасы аны үй камагына алууга мажбурлады. Себеби, тогут өз кызынын коррупцияга малынгандыгы анын бийлигине зыян жеткиришинен коркуп жатат. Себеби, кызынын финансылык шерменделиктери Өзбекстандан чыгып Европа жана Америкага чейин жетти, ал тургай, бул шерменделиктер куураган чөпкө түшкөн учкун сыяктуу тез жайыла турган болуп калды. Мисалы, «Франс Пресс» агенттиги 2015-жылы 29-марттагы «шайлоону» ачыктап, мындай деди: «Президенттин кызы кылмыштуу топ жана өзүнүн шериктери арасындагы ишкер адамдар менен алакада болгондуктан ага тергөө иши ачылды». Бул агенттик мындай деп кошумчалады: «... Кээ бир эксперттердин айтымында, Каримова өзүнүн өкүмдарлыгына өтө эле ашынып баа берген, президент өз кызынын келечегин алдын ала ойлонуп жана эрктүүлүк менен алыстаттыбы же өз каалоосуна каршы көрүнүштө алыстаттыбы, бул белгисиз. Бирок, ал кызынын бул абалы өз режиминин туруктуулугуна зыян жетишине алып келиши мүмкүн деп эсептеди, ошондуктан, өз режиминин кызыкчылыктарын бардык нерседен үстөм койду». Агенттик дагы мындай деп жазды: «Президенттин кызы коррупция менен айыпталууда, ал Орто Азияда ишмердүүлүгүн жүргүзгөн «Телиасонера» шведдик байланыш компаниясынан 300 миллион долларды өзүмдүк кылып алууда айыпталып, бир катар Европалык соттор тарабынан куугунтуктала турган болуп калды». Швецариянын юстиция бюросунун өкүлү да тогуттун кызын коррупцияда айыптап, Каримовдун кызына таандык эсептердеги активдердин өлчөмүн ачыктоону четке какты (анын мамлекети бул акчаларды сактап келүүдө), бирок, юстиция бюросу бул каражаттар – бир нече гезиттер маалымдагандай – 640 миллион доллардан азыраак экенине ишара кылды.

Корутунду: Бул кыз коррупцияга малынган. Ошондуктан, ал Россия менен болгон алакасы себептүү үй камагына алынгандыгы ыктымалдан алыс. Тескерисинче, анын шерменделиктери бардыгынын ачуусуна тийди, ошондуктан, анын тогут атасы бул иш анын таажы-тактысына таасир кылып, натыйжада аны кулатышынан коркуп калды, ошол себептен улам өз бийлигинин өмүрүн узартуу үчүн кызын мажбурий үй камагына алуу менен тыйып коюу пикирине келди!

Акырында айтарыбыз, адам укуктары жөнүндө ооз көбүртүп сайраган Американы жана башка Батыш мамлекеттерин Каримов режими бул укуктарды эң жийиркеничтүү көрүнүштө тебелеп жатканы кыпындай да тынчсыздандырбайт. Бул колонизаторлорду алар ооз көбүртүп сайраган демократия негиздеринин эч бири кызыктырбайт, тескерисинче бул колонизаторлор үчүн бул мамлекеттеги өз кызыкчылыктарына жетишүү эң маанилүү. Ушундай максатта Америка бул режимди өзүнө бекем байлап алууга аракет кылууда, Америка бул режимди тияк-биякка ообой турган кылып, биргеликте иш алып баруудан алыстабай турган кылып, же дагы кайрадан Россиянын кучагына кайтпай турган кылып өзүнө байлап алмакчы. Себеби, Россия Өзбекстанды дагы кайрадан өзү тарапка тартуудан үмүтүн үзө элек...

Акырында айтаарыбыз, Өзбекстан калкы өз Исламын бекем кармаган, алардын эркин коммунисттердин зулуму жана зомбулугу сындыра албаган, бул коммунисттердин илманийлик жана либерализм тонун кийген калдык-саркындысынын зулум, зомбулугу да Өзбекстан калкынын эркин сындыра албады... Себеби, Өзбекстанда ушундай бир эр кишилер бар, аларды ишкердик жана соода-сатык Аллахтын зикиринен чалгыта албайт. Алар Аллахка берген убадаларына ишенимдүү кишилер. Алар Аллахка берген – ал заттын жолунда шейит болуу туурасындагы – убада-шертерине бекем турган кишилер, алардын айрымдары өз убадасына туруп, шейит болушту, дагы айрымдары болсо шейит болууга ынтызар. Алар мунафыктарга окшоп

Аллахка берген убада-шерттерин өзгөртүшкөн жок. Алар даъватты бекем жеткирип жаткан эр кишилер. Алар – рошид Халифалык мамлекетин тикелеп исламий жашоону кайрадан баштоо үчүн күнү-түнү тыным албай олуттуу аракет кылып жаткан кишилер. Өзбекстан тогутунун зомбулугу жана кыргындары алардын кайратын таптакыр күчсүздөнтө албайт. Тескерисинче, Кудуреттүү, Азиз Зат бул тогутту о.э. анын колонизатор кожоюндарын жана жардамчыларын кыйрата турган убакыт, инша Аллах, алыс эмес. Ошол күндө Бухара, Термиз жана Самарканд дагы кайрадан нурга толот, Халифалык Өзбекстанга, бүтүндөй Орто Азия жана мусулман өлкөлөрүнө нурун чачат.

***«Ошол күндө момундар Аллахтын нусраты себептүү шаттанышат.*** *(Аллах)* ***Өзү каалаган кишилерге нусрат берет. Ал кудуреттүү, ырайымдуу».***

**6-сентябрь, 2015-м.**

### Пакистан маселеси тууралуу берилген суроолорго жооптор

**Суроо:** *2005-жылы 25-мартта Вашингтондо Америка Пакистанга беш жыл мөөнөткө үзгүлтүксүз жардам берип туруу программасы негизинде 3 миллиард долларлык Ф-16 тибиндеги самолётторду сатууга ыраазы болгондугу айтылган. Кошмо штаттар Пакистандын ядролук программасы себептүү 1990-жылы келишимди токтотуп койгон эле. Кош, кандай өзгөрүш жүз берди, АКШ он беш жыл мурун токтотуп койгон келишимге ыраазылык билдирип жатат? Же Америка Афганистанды басып алышына Пакистан шарт түзүп бергени эсине түшүп, арадан үч жылдан көп убакыт өткөндөн кийин аны самолёттор сатып алуу жөнүндөгү келишим менен сыйламакчы болуп жатабы?*

**Жооп:** Бул келишим үммөткө кыянат кылганы жана Америкага жан тартып Афганистанга каршы турганы үчүн Пакистан режимине берилген

сыйлык болушу ыктымалдан алыс эмес. Анткени, Америка бул режимди «Американын стратегиялык союздашы» мартабасына чейин көтөргөн.

Бирок, ишти кеңири дыкат менен күзөтсөк, бул келишим сыйлык болушунан көрө ирирээк иштин башталышы экендиги маалым болот. Ооба, бул иш Индия менен аскердик алакаларга чыгуу түйүнү, Индия аскердик техникасынын бүтүндөй Америка технологиясына таянышы жана Важпаи жеңилип, англичандарга байланыштуулугу менен таанымал «Конгресс партиясы»нын кайрадан бийлик башына келгенден кийин Индияны Америка менен байланыштыруу ыкмасы.

Пакистан менен түзүлгөн самолёттор сатып алуу жөнүндөгү келишим аркылуу АКШ Индияны Америкадан чоңураак келишимди талап кылууга «же Америка Индияга сунуш кылган келишимди кабыл алууга үндөп жатат». Бул иште аскердик кубат маселесинде Пакистандан калып кетпөөгө индияча караштын өчтүгү абдан дал келет. «Конгресс партиясы» АКШнын Индияны Америка технологиясы менен байламакчы болуп жатканын билер эле. Анткени, Америка Индияны Ирандан линия куруу аркылуу газ алып өтүү планынан айнытмакчы болуп, бул иштин ордуна Америкача долбоорлор негизинде ядролук энергиялар иштеп чыгаруу аркылуу Индияны энергия менен камсыздоону сунуш кылган эле. Бирок, Индия бул сунуш артындагы нуктаны түшүнүп, өткөн жылдын февраль-март айларында сүйлөшүүлөрдү уланткан Ирандан газ алып өтүү долбоорун бекер кылууга ыраазы болбоду. Индиянын табигый газ жана нефть министри өткөн айдын акырларында өз мамлекетинин «АКШнын эскертип жатканын о.э. Индиядагы элчиси жана тышкы иштер министри Райс аркылуу ачыктан-ачык наразылык билдирип жатканына карабастан, Ирандан газ алып өтүү линиясын куруу планын акырына жеткирүү үчүн Иран менен алып барып жаткан сүйлөшүүлөрүндө алга бара беришин» билдирди.

Ошентип, Америка өз малайы Важпаи ийгиликсиздикке учурап, илгертен англичандар тарапкери болгон «Конгресс партиясы» ийгиликке

жетишкенинен баштап, саясий жактан Индияны өзүнө байлашы мүмкүн болбой калганы себептүү, аны курал жана технология менен байлоо аркылуу Индияга кайрадан жарып кирмекчи болуп жатат.

АКШнын мамлекеттер ичине кирип баруу үчүн түрдүү басым өткөзүү жана тукуруу ыкмаларынан пайдаланышы Америка саясатында кеңири белгилүү. Мисалы, Индонезияны 50-жылдарда (Сукарно доорунда) экономикалык жактан өзүнө байлап, анын ичине кирип барган эле. Индонезияны Америкадан карыз алууга жана эконимикалык (саясий) пландардын кирип келишине көндүрүү үчүн бар мүмкүнчүлүгүн ишке салган эле. Акыбетте, Индонезия бүгүнкүгө чейин Америкага байланып калды.

Американын Пакистан менен түзгөн самолёттор сатып алуу жөнүндөгү келишими Индия аскердик техникасын Америка технологиясына таяндыруу аркылуу Индияга кайрадан кирип баруу үчүн ачылган тешик эле. Ушундай да болду. Келишимден кийин Индия Кошмо штаттардын он беш жылдан бери токтоп калган Пакистанга Ф-16 тибиндеги самолётторду сатуу жөнүндөгү токтомун кескин каралады. Америка тышкы иштер министри Райс буга раддия билдирип, «Вашингтон пост» гезитине билдирүү берип, «АКШ Пакистан менен да, Индия менен да бап-барабар мамилелерин тикелөөнү каалайт» деди. Америка тышкы иштер министрлиги атынан сүйлөөчү Адам Эрли «Американын Пакистан менен түзгөн келишими Нью Делини кабатырга салды» деп билдирүү берди. О.э. Пакистан жана Индия менен түзүлүп жаткан курал үстүндөгү келишимдерди Вашингтондун бул эки мамлекеттин коосуздугун күчөтүүгө болгон кызыгуусунан келип чыгып жатат деп эсептеди. Президент Буш токтомду жеткизип коюу үчүн Индиянын премьер-министри менен байланды. Индия өкмөтү атынан сүйлөөчү адам премьер-министр Сингхтин Америка өкмөтү токтомуна карата үмүтсүздүк билдиргенин айтты.

Америка Пакистан менен келишим түзүүгө ыраазылык билдирген күндүн эртеси т.а. 2005-жылы 25-мартта Индия АКШнын тынчтык

максатында ядролук энергия иштеп чыгарууда өз ара кызматташтык кылуу жөнүндөгү сунушун кучак жайып күтүп алды. Индия гезиттеринин 2005-жылдын 26-мартындагы кабарына караганда, Вашингтон Нью Делиге ар түрдүү куралдар топтомун сунуш кылган. Буга жергиликтүү иштеп чыгаруу мүмкүнчүлүгүн да кошуп койгон. Кеп негизинен Ф-16 жана Ф-18 тибиндеги самолёттор үстүндө барат.

Индия менен түзүлгөн келишим Пакистан менен түзүлгөн келишимден мурда ишке ашышы, дагы да анызыраагы, Американын көздөгөн максаты ишке ашкан соң, Пакистан менен түзүлгөн келишим дагы бир жолу артка сүрүлүшү ыктымалдан узак эмес.

Мусулмандар ушуну түшүнүшү керек, колонизатор капырлардын, айрыкча, Американын жардам беришинен максаты, эч качан мусулмандарды күчөтүү, коркунучту жок кылууга жетиштүү кудуретке жетиштирүү болбогон. Тескерисинче, бул жардамдын артында капырлар кызыкчылыктарына кызмат кылуучу максаттар жаткан. Эгер мусулман өлкөлөрүндөгү акимдер курал жана аны иштеп чыгаруу маселерине этибар беришкенде, Алланын уруксаты менен бул иштин үстүнөн чыгышкан болор эле. Анткени, Ислам өлкөлөрүндө байлык да, жумушчулар да, атомтаануучу, заманбап куралдар жаратуучу мусулман адистер да көп.

Эң оболу курал мусулмандар диярларында иштеп чыгарылышы керек. Кокус кошуунду күчөтүү үчүн сатып алуу керек болуп калса, тыкан ойлонуп, билип, өзүн жерге урбастан сатып алынышы керек. Ко-ош, 1990-жылдан бери берилбеген куралдар үчүн келишим түзүүгө Пакистанды эмне мажбур кылды? Ооба, ал үммөткө кыянат кылып, эч кандай төлөмсүз, самолёттор сатып алуу келишимдин түзүлүшүн да талап кылбастан, Америкага жан тартып Афганистанга каршы күрөштү.

Мына бүгүнгө келип, Америка ага келишимди убада кылуу аркылуу Индиянын андан ирирээк келишимди кабыл алышына басым өткөзүп жатат. Пакистан акими Американын мусулмандарды кырышына мүмкүнчүлүк

жаратып берүүдө канчалык кара жанын карч урбасын, самолёттордун Пакистандан мурун Индияга жетип барышынын ыктымалы да жок эмес. Ал өзүн-өзү кор кылды. Натыйжада, Америка аны бир тыйынчалык да көрбөй койду. «Өзүн өзү кордогон кимсени кордош оңой» деген сөз кандай гана акыйкат!

**30-сафар 1426-х.**

**9-апрель 2005-м.**

## Бхуттонун кечирилиши тууралуу

**Суроо:** *Америка Пакистандагы башкаруу өзүнүн колунда болуп туруп, Бхуттонун кечирилишин жана Пакистанга кайтып келишин эмнеге макулдады, акыры, ал жана анын издештери Лондондо өткөргөн сегиз жыл ичинде, алар англичандарга берилгендик руху менен сугарылды го?*

*Андан кийин Пакистан бул окуялар ириминде каякка карай кетүүдө?*

**Жооп:** Бул суроого жооп берүү үчүн бир аз артка кайтуу керек болот:

1 – Буш жана неоконсерваторлор Америкада бийликке келгенден кийин, ошону менен бирге, 11-сентябрь окуяларынан кийин, Пакистанда иштер тездеше баштады. Анткени, Американын Афганистанга жасаган чабуулу Пакистан президенти – Американын  региондогу эң чоң малайы – Первез Мушаррафты америкалыктардын Афганистанга жасаган чабуулунда да, алардын Пакистан ичиндеги мужахид мусулмандарга каршы согушунда да алар менен бирге турууга үндөөчү фактор болду. Американын терроризмге (т.а. Исламга) каршы жарыя кылган согушунда Мушаррафтын Америкага кошулушу Пакистанды өзүнө башбаанек жана башталгыч чекит кылып алган Кашмир жана Пакистан жихадий кыймылдары жана агымдарына каршы жаңы аскерий кресттүүлүк жүрүшү башталганын жарыялашы болду.

Мушарраф америкалыктар менен биригүү аркылуу ошол мужахиддердин Пакистандагы тынч башбаанек жана базаларын жок кыла алды. Натыйжада, Пакистандын мурунку бардык өкмөттөрү мужахиддердин лагерлерин бекитүү, аларды куугунтуктоо, колго алуу жана террорист деп

эсептөө үчүн алып барган аракеттери жокко чыккан болсо, Мушарраф бул иштерде ийгиликке жетти.

Ондогон жылдар ичинде Пакистанды мужахиддерге жардам берүүдөн кайтара албаган Индия үчүн бул саткын чоң белек тартуулады. Индустар буга сүйүнүп кетти жана өздөрү «исламий терроризм» деп атап жатышкан нерсеге каршы күрөштө Буш жетекчилиги колдонгон жаңы сөздөргө бүтүндөй кошула башташты. Ушул себептен улам, алар Кашмир жихадий каршылык кыймылын терроризмдин бир түрү деп эсептешти. Ушул көз караштан алганда, азыркы англиспарас «улуттук конгресс» өкмөтүнүн мурунку америкапарас «Жаната» өкмөтүнөн эч кандай айырмасы жок.

2 – О.э. америкалык жооптуулар Мушаррафтан андан да көбүрөөк иштерди аткарып берүүнү талап кылууну токтотушпады. Анткени, кимде-ким кордукка көнсө, ага кордук оңой сезилип калат. Америка борбордук разведкасынын бир жооптуусу 2007-жылы 23-июлда Нью-Йорк Таймс гезетинде «уруулар жашаган регионду жексен кыламын» деп коркутту. ЦРУ директору Майк Макконл болсо мындан эки күн кийин «Усама ибн Ладен Пакистандын Афганистан менен чегаралаш бир регионунда экен» деп, (Мушаррафты) чегаралаш ошол регионго дагы да көбүрөөк кошуун жөнөтүүгө үндөдү.

Ооба, ошондой, Буш жетекчилиги Пакистан армиясынын чегараларда америкалыктарга көрсөткөн кызматтарына канааттанбай, андан буга кошумча түрдө оор, ыпылас милдеттерди аткарып берүүнү да талап кыла баштады.

Америка жетекчилиги Мушаррафтан «ал-Коида», Талибан, мужахиддер (мурунку «Ансар») кыймылы, «Жайши Мухаммад» кошууну сыяктуу исламий агымдарга каршы күрөштү улантышын, 1500 км.ге созулган Афганистан-Пакистан чегараларын көзөмөлдөшүн, согушкерлердин Афганистандагы Америка жана НАТО баскынчылыгына каршы аракеттенүүдө Пакистан жерлеринен пайдаланышынан тосушун, Талибан

жана ал-Коидага жардам көрсөтүп жаткан урууларга каршы кең көлөмдүү жана какшаткыч согуш жарыя кылышын каалайт.

Америка тышкы иштер министринин жардамчысы, граждандык согуш чыгаруу жана кан төгүү боюнча адис Ниграпонтинин 2007-жылы июлда Исламабадга жасаган сапары да мусулмандарга кыянат кылууга үйрөнүп калган, өзүн америкалыктар кызматына багыштаган Мушаррафтын бийликте көбүрөөк турушу аркылуу жогорудагы максаттарды ишке ашыруу үчүн кылынган болсо керек. Ниграпонти Пакистанга жасаган бул сапарында уруулар жайгашкан вилаяттарга аскерий сокку берилиши маселесин талкуулаганын тан алды.

3 – Мушарраф өзүнө каршы Америка колдонуп жаткан «катуу таяк» саясатына үйрөнүп калган. Ал ушундай бир малай дейсиң, буйруктар өзүнүн эли жана мамлекетине каршы болсо да, ал аларды ачык аткара берет. Ошондуктан, америкалыктар аны «казына» деп сыпатташкан. Ушул себептен улам, ал малай Американын бардык шарттарын Пакистандай күйүп турган региондо кынтыксыз аткарып бере берет.

Ал мусулмандар туйгусуна да тийди. Анткени, ал Американын Афганистанга жасаган агрессиясында Америка менен бирге туруп, бул агрессияда Пакистанды Американын алдыңкы сызыгына айлантты.

Ал Афганистан менен чегаралаш Вазиристан жана Блушистандагы уруулар жайгашкан региондорго аскерлерди аттандырды. Пакистан-Афганистан чегараларын коруктай турган Пакистан аскерий күчтөрүнүн саны 80 миңден 90 миңге көбөйтүлдү. Ал 2007-жылы 26-октябрда Пешавардын түндүк-чыгыш тарабындагы Сувот өрөөнүндө жашаган мусулмандарга каршы – алар Исламдын колдонулушун каалап жатышканы үчүн – какшаткыч чабуул уюштурду.

Булардын баары Америка каалап жаткан жана малайы Мушаррафты мусулмандар арасында тынымсыз аткарып турушу үчүн үндөп жаткан кандуу согуштарды алоолонтуу максатында жасалууда. Жалын алоолонуп

турушу үчүн провокациялык түрдө бир тарапка Пакистан кошууну, экинчи тарапка болсо мусулман уруулар коюлду. Ошондо Мушаррафтын Америкага байланганына каршы наразылык аракеттерине карата Мушарраф бирер чечимге келе турган ыкмада мамиле кылбастан, граждандык согушту алоолонтуучу аракеттерди жасады. Мисалы, ал Блушистан кыймылынын жетекчиси 79 жаштагы Акбархан Бугтини өлтүрүүгө аракет кылганда, наразылык аракеттери күчөп кеткен болчу. Бул болсо абалды курчутуп жиберген. Анткени, Бугти «кары арстан» лакабы менен таанылып, акимдик кызматын жана жетмишинчи жылдардын акырында Блушистан вилаятында чоң вазирлик кызматын ээлеген.

4 – Бугтинин өлтүрүлүшү менен аракеттер Мушарраф кошуунуна каршы таасир өткөрө турган даражада күчөп кеткен соң, иштерди тынчытуу үчүн кошуун 2006-жылы сентябрь айында уруулар менен келишим түзүүгө мажбур болгондо, Америка буга көнбөдү. Ошондо, Америка уруулар менен түзүлгөн келишимди бузуу үчүн 2006-жылы ноябрда чегарада жайгашкан Бажур регионуна кандуу чабуул уюштурду. Андан кийин америкалык жооптуулар бул келишимди сындап көп билдирүүлөр берип, Мушаррафты уруулар жашаган регионго кошуун жиберүүгө үндөштү. Булардын баары келишимди жокко чыгаруу үчүн жасалды. Ошондой да болду. Райс 2006-жылы 16-декабрда конгрессте сүйлөгөн сөзүндө бул келишимди сындады, ошол эле күнү вице-призидент Дик Чейни Пакистанга жасаган сапарында да ошол келишимди сынга алды. Ошентип, Мушарраф Вашингтондун каалоосун аткарды т.а. бүтүмдү бекер кылуу үчүн урууларга карата провокациялык түрдө чегараларга абдан көп кошуун таштады. Мындан болсо Америка регионду тынчтык менен тынчытууну каалабай жатканы, балким, Афганистанга жасаган баскынчылыгына мусулмандарды каршылык көрсөтүүдөн кайтаруу үчүн алардын арасына согуш отун тутандырып коймокчу экени ачык көрүнүп турат. Өз максаттарын аткаруу үчүн

Мушаррафтан – өздөрү сыпаттагандай – түгөнгүс бир казынаны таап алышкан эле.

Ошондон кийин уруулар менен ал-Коидага чабуул кылууда Пакистанды андан да көбүрөөк күч сарптоого үндөө үчүн Ак үй наамынан сүйлөөчү расмий сүйлөөчү Тони Сноу: «Ал-Коида Пакистанга чоң коркунуч туудурууда. Ошон үчүн ал-Коиданын максаттарына каршы Пакистан кандайдыр бир амалият (операция) өткөрүшү мүмкүндүгү каралып чыгууда», - деп билдирүү берди.

Мунун акыбетинде Пакистан премьер-министри Шавкат Азиз: «Мындай амалиятты өзүбүз өткөрө алабыз жана ар кандай террористтик уюм Пакистан жерлеринде иш кылышына таптакыр жол бербейбиз», - деп билдирүү берүүгө мажбур болду. Ошентип, Пакистан мусулмандарга каршы уюштура турган амалияттарды «эгер бул ишти өзүбүз аткарбай турган болсок, Америка бул ишти ишке ашыруу үчүн аралашат» деп актоого урунду!

5 – Мунун изинен 2007-жылы июль айынын ортолорунда Лаол мечитине (Кызыл мечит) катуу чабуул жасалды. Андан кийин кошуун менен уруулар ортосунда түзүлгөн мурунку келишим акырына жетти жана амалий согуш абалы жаралды. Бул согуш агрессор Америка менен мусулмандар ортосунда болушу керек болчу, бирок, ал мусулман уруулары менен Пакистан кошууну ортосунда жүз берди. Кошуун Мушарраф жана анын кыянатчыл жетекчилигинин буйругу менен уруулар каршысында өз күчтөрүн күчөттү. Америка болсо Буштун улуттук коопсуздук иштери боюнча кеңешчиси Стефан Хадли аркылуу бул аскерий күчөтүүнү колдоп-кубатташын маалым кылды.

Ошентип, уруулар жашаган региондорго Мушаррафтын кол салары көрүнүп калды. Мушаррафтын «Кызыл мечит»ке жасаган кол салуусунда ырайымсыздыктар, кылмыштар, кыргындар кылынды. Ар кандай сүйлөшүүлөр бүтүндөй четке кагылып, иштер жакшылыкка карай бара жатканда капилеттен сүйлөшүүлөр токтотулду. Алардын изинен уруу

аксакалдары жана молдолору кармалып, кордолду же өлтүрүлдү. Булар ачык-айкын билинип, ашкере болуп кетти!

Мушаррафтын урууларга кол салуусу мына ушулар.

6 – Эми Кашмир маселесине токтолсок, Индияны ыраазы кылуу үчүн Америка тарабынан Мушаррафка сунуш кылынган чечим чегаралардагы абалды ушул бойдон сактап калуу болду. Анткени, Америка Индияны Алыскы Чыгыш жана түштүк-чыгыш Азияда Кытайга тең келе тургандай болуп турушун каалайт. Чындыгында, Мушарраф абалды нормалдаштыруу үчүн бир канча кадамдарды койду. Эки мамлекет 2003-жылы ноябрда Кашмирде ок атууну токтотууга жетишип, 2004-жылы январ айында болсо ортолорунда тынчтык сүйлөшүүлөрүн кайрадан баштап жибергенден кийин, Индия менен Пакистан ортосундагы Кашмирде салтанаттуу көрүнүштө атайын символдук коридорлордун кайрадан ачылышына жол коюлганы буга себеп болду. Тараптар азыркы абалды нормалдаштыруу үчүн соода алакаларын күчөтө турган кадамдарды коюшту. Бул чечим азыркы Индия тарабынан киргизилди. Себеби, Индия премьер-министри Манмахан Сингх 2007-жылы 15-июлда: «Бөлүнгөн Кашмир региону Индия менен Пакистан ортосундагы кызматташтык символуна айланышы мүмкүн жана 60 жылдык чыр-чатакты токтотуу максатындагы сүйлөшүүлөр эми улантылат», - деди. Манмахан Сингх өз позициясын Чегараларды өзгөртүп болбойт. Бирок, аны маанисиз абалга айлантууга болот деп т.а. душман рухундагы чегаралар эмес деп негиздеди. Жамму жана Кашмир вилаятынын кышкы борбору болгон Жаммуда сыймыктуу кызматты кабыл алуу чагында сүйлөгөн сөзүндө – анын бир нускасы электрондук почта аркылуу Рейтерге жиберилген – мындай деди: «Бул жерде бөлүнүү жана тосуктар сакталып калышында күмөн жок. Бирок, башкаруу сызыгы болгон чегаралар тынчтык сызыгына айланышы мүмкүн, ошону менен бирге, пикирлер, товарлар жана кызматтар адамдарга андан да эркинирээк агып келиши мүмкүн». Сингх дагы мындай деди: «Жамму менен Кашмир чыр-чатактар орду болбостон, качандыр бир

кезде Индия менен Пакистан ортосундагы кызматташтык символуна айланып калышын үмүт кыламын жана буга ишенемин».

Мушарраф Индия менен бирге бара жаткан чечим ушул экендигин жана акыркы убактарда Кашмир жаатында Пакистан тараптан берилип жаткан бардык билдирүүлөр ушул алкактан чыкпай жатканын вакый көрсөтүп турат. 2004-жылдагы сүйлөшүүдөн бери Кашмир калкынын өз тагдырын өзү белгилөө укугу Пакистанда – Мушарраф алдында талкууланбай калды. Пакистандын өзү да аны мурун талап кылгандай талап кылбай койду. Мушарраф өкмөтү Кашмирди жихад аркылуу кайтарып алуу ал жакта турсун, жада калса, мурункудай эл аралык токтомдор негизинде сүйлөшүүлөр алып барууну да талап кылбай койду. Бул болсо, иштер Кашмирден баш тартууга багытталып, азыркы абалды Кашмирдин акыркы чечими катары бекемдөөгө карай бара жатканын түшүндүрөт.

7 – Ошентип, Мушарраф Ислам жана мусулмандар менен болгон бардык алакаларын үзүп койду. Ал Американын Афганистанга жасаган кол салуусунда аны менен бирге болду. Уруулар жашаган региондогу кандуу чабуулга кошуунду тартып, Вазиристан жана Блушистанда кыргындар уюштурду. Кызыл мечитти жексен кылуучу куралдар менен ок атты. Кашмирди жок кылды. Уламаларды жана исламий медресе талабаларын кордоду. Исламий даъватты көтөрүп чыгуучуларды камакка алды…

Ушуга ылайык, ал мусулмандар тарабынан ак кылынган, таштанды кимсеге айланды жана президенттиктин экинчи мөөнөтүнө шайланмакчы болгон кезинде рейтингсиз калды. Ушул учурда Американын алдында өз «казынасын» сактап калышы үчүн бир жол турду. Ал жол Англия жарандарына т.а. Беназир Бхуттого жана анын партиясына кайрылып, аны менен бүтүм түзүү эле. Мунун акысына паракордук, бузгунчулук менен айыпталган Бхуттону актап, пакизага айландырып бермекчи болду. Анткени, Беназир Бхутто мурун Мушарраф тарабынан паракордукта айыпталып, кийин мамлекеттен сүргүн кылынган. Негизинен 2008-жылы январдагы

парламенттик шайлоолордон кийин өткөрүлүшү керек болгон, бирок, 2007-жылдын 6-октябрына алдыга сүрүлгөн президенттик шайлоолордон мурун, анығырагы, 2007-жылы 5-октябрда, Мушарраф жогорудагы бүтүмгө ылайык, Бхуттонун кечирилиши жөнүндөгү токтомун чыгарды. Анткени, ал 2008-жылы январь айында боло турган парламенттик шайлоолордо жактоочулары өтө албастан, жаңы парламенттик комиссия экинчи жолу президенттикке шайланышынан четтетип жиберишинен коркуп, президенттик шайлоолорду парламенттик шайлоолордон алдыга сүрдү. Анткени, анын шерменделиктери жайылбастан туруп эски парламент толук бойдон турган болот да, акыбетте адамдар буга алданып, анын пайдасына добуш беришет. Мурунку парламенттик шайлоо комиссиясынын токтому негизинде 2007-жылы 6-октябрда өткөрүлгөн шайлоолордо Мушарраф ошентип утуп чыкты.

8 – Бхуттого кечирим берүү боюнча Пакистан өкмөтүндө бөлүнүү жүз берди. Анткени, өкүмдар «Робита» партиясынын бир канча мүчөлөрү айыптардын алып ташталышын «адилетсиздик» деп эсептеди. Диний иштер министри, 1979-жылы Беназирдин атасы Зулфикор Бхуттону жок кылган мурунку аскерий диктатор Зияулхактын уулу Эъжозулхак: «Сунуш кылынган кечиримге биз өз шарттарыбызды койдук. Биз аны колдобойбуз – деди жана – Паракор саясатчыларга, ошону менен бирге, 1,5 млрд. долларды өздөштүрүп алгандыкта айыпталгандарга (оппозиция жетекчиси Бхуттого шилтеме жасап жатат) кечирим берилбеши керек», - деп баса белгиледи.

Мушарраф партиясынын ичинде оппозиция пайда болушунун таң каларлык жери жок. Муну партиянын кандай пайда болгонунун өзү көрсөтүп турат. Мушаррафтын «Пакистан исламий робита партиясындагы» саясатчылар кимдер эле, алар (Навоз Шарифтин) «Пакистан Ислам робитасы» партиясынан жана (Беназир Бхуттонун) «Элдик партиясынан» бөлүнүп чыккандар болчу. Себеби, алар эгер ушул партияга кошулушбасаңар паракордукта айыпталасыңар деп коркутулган. Кризис жүз берген учурда

мындай партиянын ичинде карама-каршы пикирлердин пайда болушуна таң калбаса да болот.

9 – Бирок, иш Мушарраф партиясынан маанилүүрөөк болгондуктан, оппозиция эч нерсе кыла албады. Өз партиясынын айрым мүчөлөрү каршылык көрсөтүшүнө карабай, Пакистан президенти Парвез Мушарраф жана мурунку премьер-министр Беназир Бхутто 2007-жылы 4-октябрда бийликти бөлүшүп алуу үчүн Америка менен Британия тарабынан башкарылган бүтүмгө келишишти. Андан соң 2007-жылы 5-октябрда т.а. сот тарабынан өткөрүлүшү белгиленген президенттик шайлоолордон 24 саат мурун азыр айтып өтүлгөн кечирим берүү токтому чыкты. Бул кечиримдин натыйжасы катары Бхутто партиясы оппозициялык партиялар сыяктуу президенттик шайлоону бойкот кылбады. Ушуну менен кворум, андан кийин болсо Мушаррафтын экинчи президенттик шайлоодо утуп чыгышы камсыздалды.

Бул кечирим коррупцияга тиешелүү кылмыштары себептүү саясатчылардын куугунтукталышын соттон алып таштоо көрсөтүлгөн «улуттук жарашуу» токтомунун бир бөлүгү болуп, президенттин кол коё электе аны өкмөт тастыктады.

Токтомдо 1988-жылдан 1999-жылга чейин айыптуу деп табылган саясатчылардын кечирилиши көрсөтүлгөн. Кечирим токтому Мушарраф 1999-жылы «ак ынкылаб»да кулаткан мурунку премьер-министр Навоз Шарифти камтыбайт. Анткени, ага карата козголгон кылмыш иштери 2000-жылга барып такалат.

Кыскасы, кечирим токтому Навоз Шарифти өз ичине албаган калыпта түзүлдү. Навоз Шариф да эски малай болушуна карабастан, Америка ага наразы болуп, каарданып калган болчу. Анткени, Коргил дөңсөөсүндө Индия кошуунуна каршы Кашмир мужахиддерине жардам берүү үчүн Пакистан кошуунунун туйгулары аракетке келгенде, ал аны токтото албаган болчу. Бул болсо 1999-жылы Индия кошуунунун жеңилүүсүнө себеп болгон

жана мунун улана беришинен америкапарас Важпаи өкмөтү кулайын деп калган. Ошондуктан, Америка аны 1999-жылы Мушарраф колу менен кулатты. Мушарраф болсо Америка буйругун аткарып, Коргил дөңсөсү басып алынбай туруп Пакистан кошуунун өз жерине кайтарды. Навоз Шариф бир канча жылдар малай болуп кызмат кылганына карабай, Америка анын ушул «катасын» кечирбеди. Эгер малайлар акыл жүргүзүшкөндө башкалардан ибрат алып, колонизатор мамлекет өз максаттарына жетишкенден кийин, малайы канчалык кызмат кылбасын, аны түкүрүп таштайшын түшүнүп алган болушар эле.

2007-жылы 5-октябрда айтылып өтүлгөн кечирим жөнүндөгү токтом чыкты. 6-октябрда болсо Мушарраф шайлоодо утуп чыкты. Жогорку сот 2007-жылы 17-октябрдан баштап президенттик шайлоолор туура өткөндүгүн карап чыкты жана шайлоодо мыйзамдан четке чыкпагандыгын аныктады (өзү шайлоо натыйжаларын карап чыгуу боюнча ушул күнгө чейин өткөрүлгөн кайра-кайра жыйындар ушундай натыйжа чыгарып берген). Ошондон кийин 2007-жылы 18-октябрда Бхутто мамлекетке кайтып келди. Ал премьер-министрлик кызматын 1988-жылдан 1990-жылга чейин жана 1993-жылдан 1996-жылга чейин эки жолу ээлеген. Эми болсо 2008-жылы январ айындагы парламенттик шайлоолордон кийин үчүнчү жолу премьер-министр болууга жүткүнүүдө.

10 – Америка өз «казынасы» Мушаррафтын бийликте калышын кепилдөө максатында Бхутто менен бүтүм түзүүдө күчүн аябайт. Эгер Бхутто башка оппозициячылар сыяктуу бойкот кылганда, Мушарраф экинчи жолу президенттик шайлоодо утуп чыгалбайт болчу.

Америка англичандар жана Бхутто менен Лондондо баштап жиберген келишүү сүйлөшүүлөрү келечекте бийликтин Мушарраф мамлекет президенти, Бхутто болсо премьер-министр болуп бөлүнүшү жаатында келишкенге чейин бир нече айга созулган. Америка Бхуттонун премьер-министрликке азыркы укуктары менен көнбөшү, балким, өзүнүн республика

президенти бийлиги менен экиге бөлүнгөн амалий бийлиги болсо гана премьер-министрликке макул болушун билип туруп ушундай кылды. Бирок, Мушаррафтын Бхутто үчүн айрым укуктардан баш тартып болсо да бийликте калышы Пакистанда Америка таасиринин жок болуп кетишинен жакшыраак эле.

Ошондон кийин Америка койгон негизги кадам боюнча Мушарраф менен Бхутто ортосунда сүйлөшүүлөр башталды. Кээде түздөн-түз, кээде экөөсүнүн өкүлдөрү ортосунда, кээде Лондондо, кээде Бириккен Араб Амирлигинде… Кыскасы, максат тараптар ортосунда кээде андай, кээде мындай кадамдарды пайда кылуу болчу. Мушарраф Бхуттонун бардык паракордук айыптарынан акталышы алдында турган ар кандай мыйзамдуу тосуктарды алып таштоого о.э. керек болсо Бхутто үчүнчү жолу премьер-министрликти ээлешин жеңилдетүү үчүн мыйзам чыгарып берүүгө жана анын партиясын келерки жылдын башындагы жаңы шайлоолорго катышуусуна кысым өткөрбөөгө макул болду… Бхутто да өзүнүн партиясы оппозиция сыяктуу парламентти бойкот кылбашына жана жогорку соттогу издештери Мушарраф аскерий формасын чечпей туруп талапкерлигин коюшуна тоскоолдук кылбашына ыраазы болду. Аскерий кийимин шайлангандан кийин болсо…

Иштер экөөсүнүн келишими негизинде жүрдү:

Бхутто жетекчилик кылган «Элдик партиясынын» депутаттары башка оппозиция депутаттарындай парламентти бойкот кылуудан баш тартты.

Жогорку сот (шайлоо комиссиясы) мамлекет президентин шайлоо боюнча 1998-жылы чыгарылган мыйзамдарды кайра карап чыкты. Мушарраф алдында тосук болуп турган 63-беренени бекер кылуу соттун калган мүчөлөрүнө жеңил болушу үчүн Мушаррафка оппозиция, бирок, Бхутто тарапкери болгон сот төрагасы жок болду жана акыбетте аскерий форманы чечпестен туруп талапкерлиги коюлушуна уруксат берилди. Мушаррафтын «Пакистан исламий робита союзу» партиясынын секретары

Мушарраф президенттикке экинчи жолу шайлангандан кийин аскерий формасын чечиши жөнүндө билдирүү берди.

27-сентябрда мамлекет президенттигине талапкерлигин коюу башталган кезде, Мушарраф өз талапкерлигин коюшу мүмкүндүгү жөнүндөгү жогорку соттун токтомуна баш ийиши тууpасында билдирүү жасады. Акыйкатта болсо, бул нерсе күн мурунтан кепилденген болчу! Шайлоо комиссиясы талапкерлерди коюу үчүн белгиленген күндүн акырында Мушарраф пайдасына чечим чыгарды. 29-сентябрда шайлоо комиссиясы 43 арызды көрүп чыгып, алардын арасынан алтоосун тандап алды. Алардын бири Мушаррафтын арызы эле. Арызы кабыл алынгандар арасында Беназир Бхутто жактоочуларынын бири Амин Фахим да бар болгон. Бирок, ал эгер Мушарраф өз талапкерлигин коё турган болсо, өз талапкерлигин кайтарып аларын айтты. Ушуну менен Мушарраф, анын атаандашы Важихуддин Ахмад жана үч талапкер калды.

1-октябрда расмий талапкерлердин акыркы тизмеси жарыя кылынганда, парламенттин 85 депутаты отставкага кетти. Алардын арасында Навоз Шарифтин жактоочулары да бар эле. Бирок, Бхутто депутаттары өз ишин уланта беришти! 2-октябрда Мушаррафтын министрлеринин бири «Беназир Бхуттону таптакыр кылмыш кылгандыкта айыптап болбойт» деди. Ошондон кийин ачык эле Мушарраф эгер кайрадан мамлекет президенти болуп шайлана турган болсо башкы штаб жетекчилиги кызматынан баш тартышын маалым кылды. Анын жакындарынын бири, мурунку разведка жетекчиси Ашфак Кияний анын ордуна башкы штаб жетекчиси кызматына өз талапкерлигин көрсөттү. Анткени, Мушарраф «Бхутто премьер-министрликти ээлеген убакта ал Киянийди кабыл алышы мүмкүн, же эң кеминде каршылык билдирбейт» деп ойлоду. Себеби, Бхутто жардамчылары менен сүйлөшүү алып барылган айлар ичинде Мушарраф наамынан өкмөт делегациясына Кияний жетекчилик кылган.

Кийин 2007-жылы 5-октябрда кечирим токтому чыкты. Шайлоо комиссиясы президенттик шайлоо натыйжаларын туура эмес деп таппады. 2007-жылы 18-октябрда Бхутто келди. Бхутто бара жаткан автомобилге кол салуу кылынышын айтпаганда, иштер өз ирети менен жүрүп кетти. Бул кол салуу артында Мушарраф тургандыгы ыктымалдан алыс. Анткени, Мушарраф үчүн (эң кеминде) келерки жылдын башындагы жаңы шайлоолор баскычы өтүшү керек. Ошого карабай – айтып өткөнүбүздөй – башкаруунун айрым канаттары, ошону менен бирге, Зияулхакка тийиштүү кишилер Бхуттонун кечирилишине наразычылык билдирген. Эгер Бхутто менен келишүү азыркы кезде Америка жана Мушарраф үчүн өмүр жана өлүм маселеси болбогондо, ал түзүлбөгөн болор эле.

Жогорудагы нерселерден Американы Бхутто менен бүтүм түзүүгө мажбур кылган себептер жана факторлор айкын болот. Акыйкатта болсо, сүргүндө өткөргөн сегиз жыл ичинде Бхутто англичандарга берилгендик руху менен сугарылганын Америка жакшы билет.

Бул окуялар ириминде Пакистан каякка карай баратат? - деген суроого келсек, Пакистан 60 жыл мурун түзүлүп, ошондон бери эки түстө эмес, бир түстө башкарылган: англичан адамдары тарабынан, кийин Америка адамдары тарабынан. Ал өз тарыхында биринчи жолу эки баш менен башкарылат. Мушарраф жана анын Америкага болгон берилгендиги менен о.э. Бхутто жана анын англичандарга болгон берилгендиги менен. Ушунусу да бар, келишилген бүтүм аткарылып бара берсе, кыска убакыт ичинде Пакистандагы абал чыр-чатак жана туруксуздуктар иримине түшүп калат.

Айтып өтүлгөндөй, Америка Мушаррафты кулоодон сактап калуу үчүн айрым укуктардын Бхутто менен англичандарга өтүп кетишинин акысына аз гана нерседен кечип болсо да, Пакистандагы таасирин сактап калуу үчүн Бхутто менен бүтүм түзүүгө мажбур болду.

Түзүлгөн бүтүм (эң кеминде) келерки шайлоолорго чейин (жакшы) аткарылып турушу күтүлүүдө. Анткени, бул нерсе Мушаррафка да, Бхуттого

да керек. Мушарраф парламентте өзүнүн партиясы менен Бхутто партиясынан коалиция түзүп, керектүү токтомдорду чыгартып алышы керек. Бхутто болсо парламентте өз партиясын зор мааниге ээ кылып, мыйзамдуу көрүнүштө (көпчүлүк добуш менен) премьер-министрликке жетишиши керек.

Бул экөөсү тең илманий болуп, Ислам жана мусулмандарга каршы күрөшсө да – муну алардын билдирүүлөрү көрсөтүп турат, дилдериндеги ыпыластыктары болсо андан да чоңураак – бирок, экөөсү түрдүү тараптарга малай болгондуктан, алардын бирге турушу узакка созулбайт.

Себеби, чоң мамлекеттин таасир талашуусу жарым жолдо токтоп калууну сиңдире албайт. Айрыкча, бир тарапта Америка, анын кекирейиши жана менменсингени турган болсо. Ошондуктан, Америка менен Мушарраф Бхуттонун демин өчүрүү, балким, мүмкүнчүлүгүн табышса кайрадан сүргүн кылуу үчүн, ага мыйзамдык жана материалдык жактан проблемалар туудурушат. Ошол эле учурда, англичандар менен Бхутто да карап турбастан, белгилүү болгон англисче айла-амал жана саясий өткүрлүктү ишке салып, Мушаррафтын мамлекет президенттигинде калышын кыймылдатып коюу үчүн, мүмкүнчүлүгүн табышса аны алып таштоо үчүн бир эмес бир канча проблемалар туудуруу максатында Мушаррафтын иштеринен жаман нерселерди (андай нерселер абдан көп) козгоого аракет кылышат. Бул нерсе саясий иштер менен болобу же шайлоо комиссиясындагы адамдарын кайрадан Мушаррафка каршы иш козгоосу аркылуу сот менен болобу, айырмасы жок…

Кыскасы, тараптар ортосунда саясий жана материалдык жактан күрөш жүз бериши күтүлүүдө. Мунун терс жана оң жактары бар. Терс жагы, күрөш натыйжасында жүз бере турган туруксуздук жана тартипсиздиктер адамдар турмушун кыйындатып, баш аламан кылып жиберет.

Оң тарабы ушунда, тараптардын күчтөрү – Алланын уруксаты менен – алдан таят, алсырайт. Алла бир залим менен башка залимден өч алат, кийин экөөсүнөн тең өч алат. Алла кудуреттүү, даанышман зат.

Мында – иншаалла – нусрат жана анын калкы үчүн жакшылык бар. Алла Өз ишинде үстөм, бирок, адамдардын көбү муну билишпейт.

**15-шаввал 1428-х.**

**26-октябрь 2007-м.**

## Зардоринин АКШ менен алакасы тууралуу

**Суроо:**

*Зардори президенттик антын берди. Бул нерсе анын Америка кызыкчылыгына кызмат кылууда премьер-министр Ризо Жиланийден өтүп кеткенин түшүндүрөбү? Эгер, андай болбосо аны Пакистан президенттигине алып келүү үчүн аны колдоп-кубаттоого Американы эмне мажбурлады?*

**Жооп:**

1 - Эки жетекчи: Зардори да, Жиланий да Америка чеңгелинде. Экөөсү тең Америка талаптарын кабыл алууларын жана Американын бул региондогу өкүмдарлыгын орнотуудагы пландарында борбордук орунду ээлей турган эң көзгө көрүнгөн маселеде т.а. «терроризмге каршы күрөш» деп аталган маселеде Америка менен кызматташтык кылууларын айтышты. Экөөсү тең бул жааттагы саясий позицияларын ачык-айкын жарыялашты. Мындан тышкары Америка армия командачылыгын да өз чеңгелинде кармап турат. Себеби, Мушаррафтан кийин армия командачылыгына Киянини дайындоонун артында Америка турду.

2 - Ризо Жиланий күчтүүрөөк жана Америка пландарын ишке ашырууга кудуреттүүрөөк адам. Зардори болсо өзүнүн ачык көрүнүп турган бузулгандыгы жана алсыздыгы менен таанылган. Ал, жада калса, саясатта да Беназир Бхуттонун жубайы катары гана таанылган. Муну анын өзү да тан

алып, өзүнүн саясий аракетте көзгө көрүнбөгөндүгүн жана саясий чөйрөгө Бхуттонун жубайы болгону үчүн гана киргенин айткан!

3 - Эми, Америка эмнеге аны колдогонуна жана аны президенттикке алып келгенине келсек, мунун артында төмөнкү эки себеп жатат:

Биринчи: Британияны ыраазы кылуу жана Зардори Британияда бир канча жыл «сүргүн»дө жүргөн Бхуттонун жубайы деген этибарда «элдик партия»дагы Британияга малай болгон канатты тынчтандыруу. Бхутто Британияда жашаган ошол жылдары Британия аны өзүнө оодуруп алууга, арийне «элдик партия»дагы бир нече көзгө көрүнгөн адамдарга өз таасирин өткөрүүгө жетишкен. Зардори Бхуттонун жубайы болгондуктан бул нерсе Британияны тынчтандырат жана Зардори Америка менен кызматташтык кылышын жана анын жол-жобосу менен жүрүшүн жарыя кылганына карабастан, Британияда Пакистанда оңой иш алып баруу үмүтүн ойготот.

Экинчи: Белгилер, Пакистандын башкаруу премьер-министрдин колунда топтолушун, арийне президент укуктарынын кыскарышына карай жол алганын көрсөтүп турат. Демек, премьер-министр мансабы күчтүүрөөк болот.

## Мушаррафтын акыркы аракеттери тууралуу

**Суроо:** *Мушарраф Пакистан жогорку сотунун төрагасы Ифтихорий Мухаммад Шадрийди отставкага чыгарган 2007-жылдын 9-мартынан бери, аны суракка алуу үчүн сот өткөрүлгөн сайын наразылык демонстрациялары күч алууда. Мына сот өзүнүн 2007-жылы 19-апрелдеги межлисинде адвокат (мурунку ички иштер министри) Эътизоз Эхсандын «жогорку юридикалык кеңеш жогорку соттун төрагасы Ифтихорийдин маселесин карап чыгууга жөндөмсүз» экендиги жөнүндөгү талабын көрүп чыгууну кабыл алды жана бул талапты өзүнүн 2007-жылы 24-апрелде өткөрүлө турган межлисинде карап чыгышын жарыя кылды. Ошого карабастан, бул туурасындагы калктын наразылык демонстрациялары*

*улантылып жатат. Ко-ош, Мушаррафты мындай кадам таштоого жана адамдардын өз бийлигине болгон жек көрүүлөрүн дагы да ашыруусуна эмне мажбур кылды? Өзү ансыз деле Американын Афганистанга каршы агрессиясын колдоп-кубаттаганы жана жардам бергени о.э. Кашмирдеги мужахиддерге каршы турганы себептүү адамдардын аны жек көрүүсү күчөп кеткен эле. Ко-ош, алардын жек көрүшүн дагы да ашырууга аны эмне мажбур кылды? Ал акыры адамдардын жек көрүүсү бийлигине зыян жеткиришинен коркпойбу?*

**Жооп:** Эгер, акимди өз Роббиси жана Үммөтү менен байлап турган робита-байланыштар үзүлсө жана ал бир гана колонзитаор капырлар менен, айрыкча, ушул күндөрдө куфр башы болуп турган Кошмо штаттар менен гана байланып калса, анда ал адамдардын жек көрүүсүн, каардануусун тоотпой калат жана бийлигине зыян жетишинен коркпой калат. Себеби, ал өзүнүн Кошмо штаттар сыяктуу ири мамлекеттерге малайлыгы жана кызмат кылышы анын бийлигин сактап калат деп ойлойт жана бул ой ката экендигин унутат. Негизи, мындай ойлоо ката. Себеби, ал эгер колонизатор капырларга кызмат кылуудагы ролун аткарып бүтсө, капырлар андан башкасын кандай түкүрүп таштаган болсо, аны да ошендой түкүрүп ташташат. Ошондо ал дүйнөсү менен акыретинен куру калып, зыян көрөт. Бул болсо анык зыян.

Америка колдоп-кубаттап жаткандыгы себептүү Мушарраф абдан кекирейип кетти. Себеби, ал бийликке жетүүдө жана конституция, шайлоочулар жана сот тармагына өзгөртүү киргизүүдө... кооптуу ролдорду ойноого жетишти жана буларда өзүнө эч кандай зыян жетпеди:

•Мисалы, ал 1999-жылы октябрдагы мамлекеттик төңкөрүштө премьер-министр Навоз Шарифти оодарып таштады жана күчкө ээ болуп алар замат конституцияга өзгөртүү киргизип, өзүн мамлекет президенти мансабына койду.

•Бүткүл этибарын төмөнкү үч ишке каратуу аркылуу ал өз бийлигин бекемдей баштады:

Биринчиден: Ал Пакистан Исламий союзу (жетекчиси Навоз Шариф) жана Беназир Бхутто жетекчилигиндеги «Пакистан элдик партиясы» жетекчилигин куугунтуктоону баштап жиберди, кийин өзүнө жүгүртөк болгон жана Америка кызыкчылыгына кызмат кыла турган жаңы саясий партияны түздү.

Экинчиден: Өзүнүн президенттик укуктарын кеңейтти жана премьер-министрдин укуктарын кыскартты.

Үчүнчүдөн: Армия үчүн Пакистан саясатында өзгөчө бир роль болушуна мүмкүнчүлүк берди.

•Ал англичандар малайларынан турган оппозициянын урунуштарын жокко чыгарды. Себеби, оппозициядагылар жогорку сотко арыз тапшырышкан эле. Ошол арызда аскерий төңкөрүш мыйзамсыз болгондугу көрсөтүлгөн болчу.

Бирок, жогорку сот – өзү каалабаса да – Мушарраф жана Кошмо штаттардын басымы менен, 2000-жылы май айында Мушаррафтын пайдасына өкүм чыгарды. Жогорку сот өкүмүндө мамлекет төңкөрүшүн мамлекет кызыкчылыгы үчүн абдан зарыл муктаждык туулгандыгы үчүн ишке ашырылган деп тан алды жана муну конституциядагы «аргасыз калуу абалынын жүзөгө келиши» деген пунктка киргизишти. Сот жалпы шайлоолор болуп өтүшүнө, алар эки жыл аралыгында т.а. 2002-жылы май айында өткөрүлүшү керектигине токтом чыгарды. Бирок, алар 2002-жылдын октябрына чейин кечиктирилди.

•Мушарраф өзүнүн президент жана куралдуу күчтөр командачысы катары даражасын күчөтүү үчүн олуттуу кадамдарды таштады. Жогорку сот мамлекеттик төңкөрүштү мыйзамдуу деп тан алгандан кийин, ал мына ушундай кадамдарды таштады. Себеби, анын куралдуу күчтөр командачысы катарындагы укуктары 2001-жылы бүтүшү күтүлүп жаткан. Алардын мөөнөтүн бир гана президент Рафик Таррор тарабынан чыгарылган токтом менен узартуу мүмкүн эле. Узартууга каршылык билдиришинен коркуп,

Мушарраф аны оодарып таштады жана өзүн анын ордуна 2001-жылы июнь айында президент кылып тикеледи. Ошентип, Мушарраф армия командачысы болуп кала берип, президент да болуп алды.

•Мушарраф разведка башкармасынын (ЦРУ) жардамында жана оппозициядагы саясатчыларды коррупция айыбы менен коркутуп, «Пакистан Исламий робитасы-союзу» деп аталган өкүмдар партияны түзүүгө жетишти. Ал бул партияны өзү Пакистан Исламий союзунан (Навоз Шарифтен) бөлүнүп чыгууга мажбур кылган саясатчылардан түздү. Ал дал ушундай жол менен бул партияга Пакистан элдик партиясынан (Беназир Бхуттодон) бөлүнүп чыккан саясатчыларды жана айрым эгемендүү саясатчылары да кошуп алды. Ушул доордо Мушарраф Навоз Шариф менен Беназир Бхуттону саясий аракеттен жана мамлекетке келүүдөн тыйып койду. 2002-жылы октябрда жалпы шайлоолор болуп өткөндөн кийин өкүмдар партия жана анын жактоочулары көпчүлүк добуш менен жеңишке жетти жана федералдык өкмөт Синд, Пенжаб жана Балушистан региондору үстүнөн өз көзөмөлүн орнотту. Муну өкмөттөгү көпчүлүктү түзгөн жактоочулары аркылуу же башка партиялар менен коалиция түзүү аркылуу ишке ашырды. Бирок, түндүк-батыш чегаралардагы региондо «Бириккен кеңештер партиясы» бул региондогу өкмөт үстүнөн өз көзөмөлүн орноткон эле. Ошондо Мушарраф президент катары армиядагы бир топ генералдарды ошол түндүк-батыш чегаралардагы региондорго аким кылып дайындоо жаатындагы өз ыйгарым укуктарын ишке салды. Ал мындай тең салмактуулукту өзгөртүүгө, «Бириккен кеңештер партиясы» көзөмөлүнөн кутулууга урунуп ушундай кылды. Себеби, Кошмо штаттар «Бириккен кеңештер партиясын» пуштун оппозициясына абдан жакын деп эсептер эле. Пуштун оппозициясы болсо Мушарраф режимине жана анын өнүгүү жана заманбаптык менен жүргүзүп жаткан илманий саясатына каршы.

•Мушарраф өз укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн конституцияга өзгөртүү мүмкүнчүлүгүн бере турган үчтөн эки көпчүлүк добушка ээ эмес эле.

Ошондуктан, ал митайымдык жана чеберчилик менен 2003-жылдын декабрында «Бириккен кеңештер партиясы» менен бүтүм түзүү жолуна өттү. Ошол бүтүм боюнча Мушарраф «Бириккен кеңештер партиясы» бере турган добуштардын акысына куралдуу күчтөр командачылыгы мансабынан баш тарта турган болду. Ошентип, Мушарраф өзү түшүп калган кыйын абалдан чыгып алуу жана конституцияга өзгөрүү киргизүү о.э. амалий укук мамлекет президентине берилишин тастыктатып алуу үчүн, парламенттеги добуштардын үчтөн экисине ээ болууга жетишти жана премьер-министрдин укугун күчсүздөнттү.

Мушарраф бул иштерди кылып жатып, адамдарга да, конституция же үрп-адаттарга да көңүл бурган жок. Анткени, ал негизи Алладан да, Алланын пенделеринен да коркпойт. Кала берсе, ал Американын Афганистанга каршы баскынчылыгын колдоп-кубаттаганында да, Кашмирдеги мужахиддерге каршы туруп, аларды тыйып, кысымга алганында да өзүнө эч кандай зыян жетпегендиги аны оолуктуруп жиберди! Ошентип, Мушарраф Америка аны колдоп-кубаттап жаткандыгы үчүн абдан кекирейип кетти. Ошондуктан, жогорку сот башчысын отставкага кетирүүгө жана аны «Өз мансабынан кыянатчылык менен пайдалануу, өз укуктарын ашырып жиберүү» деген айыптоолор менен жогорку сот кеңешине тапшырууга батынды, мунун акыбетинде келе турган натыйжаларга таптакыр көңүл бурбады.

Эми Мушаррафтын эмне үчүн буга кадам койгондугуна келсек, мунун баяны төмөнкүчө:

Пакистан конституциясы боюнча президенттик шайлоолор жалпы шайлоолордон кийин өткөрүлүшү керек. Ошондой болгон соң, улуттук жалпы коомдогу жана төрт региондун регионалдык коомдорундагы жеңип чыгуучулар шайлоо комиссиясынын т.а. президентти шайлай турган шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү болушат. Келерки парламенттик шайлоолор президенттик шайлоолордон мурун өткөрүлүшү белгиленгени жана мурунку парламенттик шайлоолорго ылайык түзүлгөн шайлоо комиссиясындагы

көпчүлүк үчтөн эки добуш Мушарраф пайдасына эсептелет. Т.а. эгер Мушарраф ушуга таянып шайлоого катышса, демек, ал жеңишке жетишип, дагы бир мөөнөткө президент болуп шайланат. Эгер шайлоо комиссиясы азыркы шайлоолор боюнча түзүлсө, Мушарраф бул жаңы комиссияда үчтөн эки добушка ээ болууну кепилдей албайт. Буга себеп, ал жийиркеничтүү позицияларды ээлегендиги үчүн адамдар аны жек көрүп, кыжырданып калган. Айрыкча, Мушаррафтын «Бириккен кеңештер партиясынын» турагы болгон уруулар жашаган регионго каршы кылган согушу «Бириккен кеңештер партиясынын» Мушаррафты колдоп-кубатташына тосук болот. Булардын баары парламенттик шайлоолордун өткөрүлүшү жана жаңы шайлоо комиссиясынын түзүлүшү Мушаррафтын президенттик шайлоодо жеңип чыгышына таптакыр мүмкүнчүлүк бербейт деген маанини түшүндүрөт. Ошондуктан, Мушарраф аткаруу укугу мамлекет башчысы катары өзүнө тапшырылган өзгөчө кырдаал мыйзамына ылайык президенттик шайлоолор жалпы шайлоолордон мурун өткөрүлө турган болсо, жеңип чыгуу үчүн эң ыңгайлуу учурду колго киргизерине ишенет.

Мушарраф бул нерсени кылуу үчүн жогорку сот башчысынын жардамына муктаж. Жогорку сот башчысы мындай өзгөртүү киргизүүгө ыраазы болуп, аны тастыкташы жана оппозиция тарабынан Мушаррафка каршы кооп туулгудай болсо, Мушаррафты колдоп-кубатташы керек. Бул сот башчысы Ифтихарий болсо оппозицияга жакыныраак адам. Ушул себептен улам, ал Мушаррафтын каалоосуна ыраазы болбойт. Ошондуктан, Мушарраф аны отставкага чыгарып, сотко тапшырууну, андан кийин анын ордуна өзүн жактаган кимселердин бирин дайындоону чечти. Мына ошондон кийин Мушарраф президенттик шайлоолорду парламенттик шайлоолордон мурун өткөрүү жөнүндө токтом чыгарат т.а. президенттик шайлоо мурунку шайлоолорго ылайык түзүлгөн шайлоо комиссиясы боюнча болуп өтөт. Себеби, Мушарраф бул комиссияда – «Бириккен кеңештер партиясы» аны

менен бүтүмгө кол коюп, ошол убакта аны колдоп-кубаттагандыгы себептүү – үчтөн эки көпчүлүк добушка ээ.

Бирок, Америка менен Мушарраф оппозициянын сот башчысы Ифтихарийден кутулуу жөнүндөгү Мушарраф токтомуна каршы кыла турган аракетине туура баа бере албаган көрүнөт. О.э Америка менен Мушарраф калктын буга каршы аракетке келишин күтпөгөн эле. Бул болсо Мушаррафты – эгер юридикалык кеңеш Ифтихарийди соттоо үчүн бир күчтүү себеп-далил таба албаса жана калкынын наразылык демонстрациялары барган сайын күч алып, Мушарраф өз айла-амалдарын ишке салып да бул демонстрацияларды тынчытууга жетишпесе – сот башчылыгына Ифтихарийди кайра дайындоого мажбурлашы мүмкүн.

Ошондо шайлоолорду өткөрүү мөөнөттөрү өзгөрүүсүз калат. Бирок, Мушарраф – айрым маалымат каражаттарынын ишара кылышынча – өзүнө таяныч болушу үчүн «Бириккен кеңештер партиясынын» ордуна Беназир Бхуттонун «Элдик партиясы» менен бүтүм түзүшү мүмкүн. Арийне, Мушаррафтын абалды турукташтыруу жана жарандык башкаруусун кайра тикелөө үчүн Беназирдин кайтып келишине уруксат бериши ыктымалдан алыс эмес. Т.а. Мушарраф республика президенттигин өзүндө сактап калат жана жактоочуларынын бирин армияга командачы кылып коёт. Беназир болсо премьер-министр болот.

### Наваз Шариф жана өкмөттөгү кризис тууралуу

**Суроо:**

*Өткөн апта Пакистанда өкмөт менен Наваз Шариф ортосунда саясий кризис жүз берип, өкмөт 2009-жылы 15-мартта Наваз Шарифти Пакистандан чыгарып жиберүүгө токтом чыгарды. Наваз Шариф бул токтомго каршы чыкты... Кийин Америка тышкы иштер министри Наваз Шариф жана Зардарий менен жолуккандан кийин, бул кризис тынчып калды. Анан 2009-жылы 16-мартта өкмөт судьяларды өз кызматтарына*

*кайтарууга токтом чыгаргандан кийин Наваз Шариф да тынчып калды... Ко-ош, эмне үчүн өкмөттөгү ушул кризис күчөп кетип, жарылуу деңгээлине жетип, бирок, кийин Американын жолугушуусунан кийин кризис өчүп калды!? Эмне үчүн бул саясий кризис учурунда Американын, Пакистан өкмөтүнүн жана маалымат каражаттарынын көңүл борбору, башка оппозициянерлер калып, бир гана Наваз Шарифке каратылды?*

**Жооп:**

**Биринчиден:** Белгилүү болгондой, Мушарраф Америка менен Британиянын ортосундагы, кийинчерээк өзү менен Беназир Бхуттонун ортосундагы келишимге ылайык, Беназир Бхуттону Лондондон Пакистанга келишине уруксат берген болчу. Бирок, Бхутто Мушаррафтын жасаган кылмыштарынан жана адамдардын ага болгон жек көрүүсүнөн пайдаланып, абалды өзүнүн пайдасына өзгөртүп алууга жана келишимди бузууга аракет кылды... Ошондон кийин аны өмүрүнө кол салынды...

**Экинчиден:** Ушул окуядан кийин, Бхуттонун Британияда сүргүндө жүргөндө англистер менен кызматташтык кылып келген Пакистан элдик партиясынын жетекчилери коркуп калышты. Өзгөчө, мына ушул партиянын анабашчыларынан болгон Зардарий жана Жийланийлер Американын куйругуна айланып калгандан кийин коркуп калышты. Буга мындан мурун Америка Пакистан армиясына командачы катары алып келген Киянийди да кошумчалай турган болсок, Америка Пакистанда башкаруунун тизгинин алда качан эле өз колунда кармап келе жатат.

**Үчүнчүдөн:** Ошондуктан, Британиянын Пакистандын оппозициясынан пайдалануудан башка чарасы калбады. Ал Американы пакистандыктарга провокация кылып, анын Пакистанда учактары менен аялдар жана балдарды бомбалап жатканынан, экономкалык кризис күчөп бара жатканынан пайдаланды. Оппозициядагы өз адамдарын ишке салып, абалды кескиндештирди. Америка болсо, башында бул окуяларда эч кандай проблема жок, деп ойлоду. А түгүл, Американын адамдары да оппозициянын

ушул иштеринде катышышты. Себеби, ал Пакистан ичинде адамдарды куралдантып уруулар жашаган региондо кылмыш иштерин эч кандай каршылыксыз аткарууга болот, деп эсептер эле.

Бирок, соңку кездерде иштер олутташып кетти. Британиянын адамдары оппозиция чүмбөтү астында өкмөттү кулатуу же эч болбогодо бейпилдикти бузуу үчүн саясий майданды ээлеп алууларына жакын калды.

**Төртүнчүдөн:** Ошондон кийин, Америка Британиянын оппозицияны майданга алып чыгып, өкмөткө кирип албаса да, эч болбогондо, өкмөттү өз шарттарына мажбур кылышынын мүмкүндүгүн түшүнүп жетти. Натыйжада, ал башкарууну өз колунда кармап тургандай, оппозицияны да тизгиндеп алууга чечим кылды.

Мына ошондо, Америкага Наваз Шарифти оппозициянын арасынан тандап алып, өкмөткө каршы күч менен аракеттендирүү керек болуп калды. Муну менен ал – башкарууну өз колунда кармап алгандай – оппозицияны да өз колунда кармап турууну жана Британия уюштурушу мүмкүн болгон ар кандай каршылыктын таасирин кесип коюуну максат кылды.

Азыр Америка президенттикке да, министрликке да, башкы командачыга да өкүмдарлык кылган соң, эми оппозицияга да өкүмдарлык кылмакчы. Ошондуктан, 1999-жылы премьер-министрликтен алып таштаган, кийин 2007-жылы аны сүргүн кылган өлкөдөн дагы кайтарып алып келген малайы Наваз Шарифти Пакистандагы абалды өз колуна алуу үчүн оппозицияга жетекчи кылып койду. Анын планы боюнча, башкарууну да, оппозицияны да өзүнө моюн сундуруп алышы жана Пакистанда жүз бериши күтүлүп жаткан ар кандай калыс жана чыныгы өзгөрүүнү токтотуп калышы, бир убакыттын өзүндө, региондо өзүнүн таасир күчүн дагы кайтарып алууга урунуп жаткан Британиянын аракетине тосук коюушу мүмкүн. Акыйкатта болсо, Америка Британияны ал жерден чыгарып таштоого мүмкүлчүлүк таба албады жана бүтүндөй чыгарып таштоо да оңой эмес иш болчу. Себеби,

Британиянын малайлары дагы эле Пакистандын режиминде жана элдик партиянын арасында турушат.

**Бешинчиден:** Ошентип, Наваз Шарифти оппозицияга жетекчи кылуу ишке ашты. Мунун ишке ашышы төмөндөгүдөй болду:

а) 2009-жылы 26-февралда Пакистан соту Наваз Шариф жана анын агасы Шахбаз Шарифти шайлоолор аркылуу бирер кызматка коюуга тыюу салуу жөнүндө токтом чыгарды. Мунун акыбетинде ушул токтомго каршы Наваз Шариф партиясы тарабынан уюштурулган демонстрациялар күч алды. Мындан бир күн мурун, 2009-жылы 25-февралда Американын Пакистанга жасаган чабуулдарына каршы болуп жаткан демонстрацияларга уланып, Пакистандагы экономикалык абалга каршы ондогон көчөлөрдө демонстрациялар жана жүрүштөр күчөдү. Пакистан федералдык өкмөтү Шахбаз Шарифти Панжаб вилаятынын (областынын) премьер-министрлигинен бошотуп жиберген эле. Себеби, Шахбаз Панжаб жергиликтүү парламент ишинде суздук кылып, Панжаб вилаятын түздөн-түз өз өкүмдарлыгына өткөрүп алган болчу.

б) Наваз Шарифтин аракетинен Америка оппозицияны Пакистан өкмөтүндөгү өзүнүн малайларына каршы коюп, оппозицияны өз колуна алууну максат кылып жатканы көрүнүп турат. Ушундай жол менен адамдарды адаштырып, Пакистандагы түзүмдү өзгөртүүгө карай туура багытта аракет кылуудан чалгытып коёт. Кийин региондогу Америкага каршы аракет кылып жаткандарга сокку берет. Адамдарды болсо, экинчи даражалуу маселе т.а. судьяларды өз кызматтарына кайтаруу маселеси менен алек кылып, чыныгы максаттардан алыстатат. Кудум, Пакистан маселеси судьяларды өз орундарына кайтаруудан тургандай, кудум өз иштерине кайтышса, адилеттүүлүк орнотулуп, өлкөнүн баардык проблемасы чечиле тургандай. Негизи, нааразылык жана демонстрациялардан максат Пакистан режиминин америкалыктарга корлорчо моюн сунушуна каршы жана Исламдан башка түзүмдү колдонуунун акыбетинде келип чыккан зулумга

каршы чыгуу эле. Себеби, бул америкалыктар өзүнүн саясатына каршы күрөш алып барып жаткандарды, Ислам менен башкара турган түзүмгө кайтууну талап кылып жаткандарды о.э. Америка тарапта туруп күрөшүп жаткан Пакистан армиясындагы боордошторун алар менен бирге өлтүрүүдө.

в) Ошондуктан да, Наваз Шариф коркпостон өкмөттүн токтомун четке кагып жатат, өкмөткө каршы чыгып жатат. Себеби, ал ушуну жакшы билет, Америка Пакистан өкмөтүнө аны камакка алууга уруксат бербейт, эгер камакка алууга уруксат бергенде, качан эле камап жибермек эле. Себеби, анын кылмыштары камакка алынышына жетиштүү далил болот. Мисалы, Пакистан ички иштер министри Рахман Маликий басма сөз жолугушуусунда Наваз Шарифти адамдарды козголоң көтөрүүгө чакыргандыкта айыптап, мындай дейт: «Адамдарды козголоңго чакыруу – фитна козгоо болуп саналат. Буга бериле турган жаза болсо – өмүр бою камак». Ал дагы мындай дейт: «Өкмөт аны камакка алмакчы эмес. Бирок, өкмөттө аны камакка алууга жетиштүү далилдер бар. Айрыкча, демонтрацияларда ырайымсыз аракеттерди колдонгону үчүн» (Британия радиосу – 2009\3\10)!

г) Пакистанда абал кескиндешип кеткенден бери Америка болуп жаткан иштерди жакшылап күзөтүп, өз пландарын түзүп келе жатат. Мисал үчүн, 2009-жылы 13-мартта Америка тышкы иштер министрлигинин баса белгилешинче, Америка жооптуулары Пакистан өкмөтүнүн жетекчилери менен анын саясий сенектик абалынан чыгаруу үчүн жолугуп жатышат (Ал-Жазира – 2009\3\14). Бул болсо өз кезегинде, Америка Пакистандагы саясий кризисти күзөтүп, аны түздөн-түз башкарып турганына далалат кылат.

Американын «Доут гоуф» сайтында Америка тышкы иштер министрлигинин өкүлүнүн айтышынча, 2009-жылы 16-мартта Пакистан премьер-министри Жийланий жогорку сот башчысын өз кызматына кайтаруу жөнүндөгү токтомун жарыя кылды. Бул токтом үстүбүздөгү жылдын 14-15-март күндөрү Америка тышкы иштер министри Хиллери Клинтонтун

Пакистан жетекчилиги менен телефон аркылуу сүйлөшкөндөн кийин чыгарылды.

Америка тышкы иштер министрлигинин өкүлү Роберт Вуд ушул жылдын 16-мартында болуп өткөн басма сөз конференциясында мындай дейт: «Америка тышкы иштер министринин баса белгилешинче, пакистандык жооптуулар ал жердеги абалга карата биздин көз караштарыбызды жана эч кандай зомбулук аракети болбошунун маанилүүлүгүн о.э. саясий диалог зарылдыгын түшүнүштү».

д) Ошентип, Америка оппозицияны эч болбогондо, күтүлүп жаткан даражада тизгиндеп алууга жетишти. Эч болбогондо, дешибиздин себеби, Британиянын малайлары жогоруда айтканыбыздай, элдик партиянын арасында о.э. башка оппозициячыл чөйрөлөрдө, ал тургай өкмөт мекемелеринин ичинде да – таасир өткөрө турган даражада болбосо да – бар.

Демек, Наваз Шариф өз аракетинде Америкага жан тарткан бирер оппозицияны пайда кылуу үчүн Американын пландарынан аз да болсо четке чыкпайт. Ал дал мына ушул максатта башка адамдар калып, Наваз Шарифти оппозицияга жетекчи кылып алып чыгуу үчүн, баардык көңүл-этибарын ага гана каратууда.

е) Америка Британияга карата тыянактарында адашпай, оппозицияны да, башкарууну да өз колуна алды. Бирок, ал Пакистандагы Исламий Үммөт башка, Пакистандын символдук өкмөтү жана эки жүздүү оппозициясы таптакыр башка экендиги жөнүндөгү ката корутундуга барып жаткан болушу мүмкүн. Муну ал түшүнбөй жатат же түшүнүүнү каалабай жатат. Пакистанда Америка колго алган нерсе анын оппозициясы менен башкаруусу болгон соң, бул экөөсү тең Үммөт алдында эч ким эмес. Пакистан өкмөтү болобу же өкмөттүн башчылары болгон Америка же Британия болобу, Үммөтүн бир гана арстандай кыйкыруусу алдында таптакыр туруштук бере албайт. Алла Өз ишинде үстөм, бирок кээ бир адамдар муну билбей жатышат.

**21-март, 2009-м.**

**Пакистан армиясынын саясий окуяларга аралашуусу тууралуу**

**Суроо:** *Pakistan News гезити 2011-жылы 21-августта армия командачысы генерал Ашфак Киянийдин ушул сөздөрүн басып чыкты: «Эгер, өкмөт талап кылса Пакистан армиясы Карачи шаарындагы диний жана саясий зомбулук толкунун токтотууда бийликке жардам берүүгө даяр».*

*Ко-ош, бул иштин чындыгы эмнеде, армиянын шаар иштерине аралашуусуна чынында эле муктаждык барбы, акыры, мындай иштер армиянын эмес, полициянын милдетине кирет го же армиянын аралашуусунан башка максаттар көздөлгөнбү?*

**Жооп:** Болуп өткөн иштердин абалын жана себептерин билүү үчүн төмөнкүлөрдү айтып өтөбүз:

1 – Карачи Пакистандагы эң чоң шаар, калкы 20 миллиондун тегерегинде. Шаар калкы мухажирлер, пуштундар, панжабдар, синддер, бенгалдар жана башкалардан турган түрдүү этникалык топтордон куралган. О.э. шаар насраний, индус, сих, бахаий, яхудий, буддист жана исмаилий сыяктуу диний азчылыктын да мекени болуп эсептелет. Арийне, мамлекет ар бир адамдын укугун камсыздаган Ислам өкүмдөрүн колдонбой жатканынан улам, диний жана текчилдик кагылышуусу келип чыгышынын ыктымалы артып барууда.

2 – Совет баскынчылыгына каршы афган жихады алып барылгандан кийин көптөгөн пуштундар Карачи шаарына көчүп келишип, шаар жана анын айланасына жайгашкан. О.э. шаарга пулемёт сыяктуу, арзан, оңой табылган жана чоң көлөмдөгү куралдар тарап кетти. Бул болсо шаарга терс таасирин өткөрдү.

Мушарраф Уруулар регионундагы 2003-жылдагы Америка согушун колдоого ыраазы болгондон бери о.э. Америка учактарынын жана Пакистан армиясынын Уруулар регионуна чабуул кылуулары себептүү көптөгөн пуштундар жана башкалар Карачиге көчүп өтүштү. Алар Американын учактарынын чабуулунан качып, Карачиде тынч башбаанек издешти.

3 – Соңку кездерде Америка – мужахиддер, өзгөчө, Талибан Карачиде беймарал аракет кылып, ошол жерден жихадга... чыгып жатат деген жагдайды жаратууда. Бул болсо, Американы Киянийге Карачиде жайгашкан Талибан жана ал-Каида мүчөлөрүнө каршы аракет кылышы үчүн басым өткөрүүгө мажбур кылды. Америка бул саясатын өткөн жылдын ортолорунан, өзгөчө, 2010-жылы 1-майда Таймс-Сквер аянтындагы окуяны Шахзад Файсал ишке ашырды деп жарыя кылышынын артынан баштады. Ошондон кийин Америка Карачиге чоң этибар менен карай баштады. Анткени, Кошмо Штаттар Шахзадды Карачиде эркин жүрөт жана куралдангандар менен алакасы бар деп баса белгилеген. Белгилүү болгондой, 2011-жылы 22-майда Карачидеги Мехрон аскерий деңиз базасына чабуул кылынган жана бул чабуулдун жоопкердигин Талибан өз мойнуна алган. Кошмо Штаттар болсо, Талибандын бул моюнга алуусунан Киянийге иш жүзүндө чараларды көрүшү үчүн басым өткөрүүдө пайдаланды.

2011-жылы 27-майда «Рейтер» маалымат агенттиги Клинтондун Мехрон базасына чабуул уюштурулгандан бир күн өтүп Пакистанга жасаган сапарында мындай билдирүү берди: «Биз бурулуш чекитине жетип келдик, менин сапарым чоң мааниге ээ. Биз Пакистандын жана Пакистан бийлигинин жакынкы күндөрдө чечүүчү кадамдарды ташташына көз салып турабыз. Анткени, бир нече Талибан жетекчилери дагы эле Пакистанда башбаанек табышууда. Ошондуктан, Пакистандын алдында Афганистанга жардам берүү менен бизге жардам берүү вазыйпасы турат. Ал бул жардамды козголоңчулардын Пакистан жерлериндеги согушуна чек коюу аркылуу ишке ашырышы мүмкүн».

4 – Америка Уруулар регионунан жана чегарага жакын жайгашкан региондордон тынчсызданганы сыңары, Карачиге да кабатырлануу менен карайт. Себеби, Америка Карачи сыяктуу калкы тыгыз жайгашкан шаарларда өзүнүн учкучсуз башкарылган учактарынан пайдалана албай жатат, негизи, ушул учактардан чегарага жакын жайгашкан региондордо каалагандай

пайдаланууда. Ошондуктан, Америка Карачиге Пакистан армиясын киргизүүгө Кияний менен өз ара келишип алды. Эгер, армия Карачиге кирсе, Американын Уруулар регионундагы жана чегара алдындагы региондордогу согушуна жардам берип жаткан Пакистан армиясы, эми, Американын Карачиде мужахиддерди куугунтуктоого да жардам берген болот.

5 – Америка жана анын Пакистандагы малайлары өз «куйруктарын» ишке салышып, Карачидеги түрдүү улуттар арасында чыр-чатак чыгарышты. Бул окуянын натыйжасында көптөгөн кишилер жарааттанды жана өлтүрүлдү... Чатак чыгаруудан максат, Пакистан армиясыны Карачи шаарына кириши үчүн маалымат каражаттары аркылуу актанууну жаратуу. Мисалы, «ал-Жазира нет»те Пакистан коопсуздук булактарынан алынган маалымат негизинде 2011-жылы 18-августта төмөнкү кабарды басып чыкты: «Пакистандын түштүгүндө жээк боюнда жайгашкан шаар Карачини ээлеп алган зомбулук толкунунда 24 саат ичинде 39 адам курман болду, кырктан ашык адам жараат алды. Бул зомбулук толкуну партизандык согуш түсүндө болду, бирок, полициянын айтымында, бул иштин артында саясий себептер жатат».

6 – Булардын баарынан жаңы чөйрө жаратуу максат кылынган... Адамдар армиядан тынчтык жана коопсуздукту кайтарууну суранышууда. Америка да бул иште Киянийге жардам берүүгө шашылып, коопсуздуктун нугунан чыгышына каршы күрөшүү үчүн Карачи шаарына материалдык жардам сунуш кылды. Мисалы, 2011-жылы 9-августта Синд провинциясынын ички иштер министри Манзур Васан Америка башкы консулдугу Уильям Мартин менен жолугушуп, Кошмо Штаттар шаардагы бул абалды турукташтыруу үчүн жабдыктарды жана адистерди жөнөтүшүн сунуш кылганын айтты.

7 – Чындыгында, ушул адаштырууга кээ бир саясатчылар да алданышты. 2011-жылы 3-августтагы маалымат каражаттарынын кабарларына көз жүгүртсөк, айрым жергиликтүү саясатчылар Карачиге

армиянын аралашуусун талап кылышкан. Арадан бир апта өтүп армия да шаарга кирүү жөнүндөгү ниетин жарыялады. Т.а. Кияний чоң генералдар менен жолугушкандан кийин бир аскерий булак мындай билдирүү берди: «Биз жолугушууда Карачидеги мыйзам жана түзүм, анын бөлүнүп кетиши, улуттук экономикабызга терс таасир тийгизиши алдында тынчсызданыуубузду билдирдик».

8 – Шек-күмөнсүз, Пакистан армиясынын Карачиге кириши Америка кызыкчылыктарына кызмат кылат. Негизи, бул армия Американы ыраазы кылуу үчүн өзүнүн мусулман боордошторун куугунтуктоонун ордуна, мусулман өлкөлөрү болгон Афганистанды басып алган жана Пакистанда инсандардын коопсуздугуна кедергисин тийгизип жаткан тигил америкалык кылмышкерлерди куугунтуктоосу керек.

Айрым жергиликтүү күчтөрдүн армиядан тынчтыкты орнотушун суранып жатканына келсек, бул – америкалык душман күчтөр жана Кияниййдин саткын «куйруктары» менен тил бириктирүү болуп эсептелет. Же болбосо акылсыздык же саясий аң-сезими жоктугунан о.э. армиянын аралашуусу коопсуздукту сактайт деп ойлошуп, тигил айрым жалданма маалымат каражттарынын жалганына алданып калышканынан улам ушинтип суранып жатышат.

9 – Ички коопсуздук армиянын эмес, полициянын жардамында корголот. Анткени, армиянын вазыйпасы – өлкөнү жана адамдарды душман Америкадан коргоо.

Биз Пакистандагы бардык калыс күчтөрдү ушуга чакырып кетебиз, алар армиянын шаарлардын иштерине аралашуусуна каршы чыгышсын о.э. Афганистанга баскынчылык кылып жаткан, Пакистанда болсо учкучсуз башкарылган учактары, «ЦРУ», «ФБР» жана коопсуздук тыңчылары жардамында согуш отун жагып жаткан душман Америкага каршы согушууга армияны үгүттөшсүн.

Албетте, ички коопсуздук полициянын вазыйпасы. Коопсуздуктан максат, Американын коопсуздугу эмес, инсандардын коопсуздугу о.э. Америка жана Батыш тыңчыларынын эмес, өлкө коопсуздугуна кайгыргандарга тынчтыкты камсыздоо.

Аллах, Расулу жана момундар – таква ээлери тарабында. Таква ээлери болсо капыр колонизаторлорго каршы турат.

**22-рамазан, 1432-х.**

**22-август, 2011-м.**

## Америка саясатынын колдоосу астындагы Индия менен Пакистандын ортосундагы алакалар

**Суроо:**

*Америка президенти «Бхаратия Жаната» партиясын (БЖП) жана анын жетекчиси Модини биринчилерден болуп шайлоолордо жеңип чыкканы менен куттуктады жана аны Вашингтонго келүүгө чакырды. Ал эми, 2014-жылы 5-июнда Моди сентябрь айында Вашингтонго сапар жасашы жарыяланды. 2014-жылы 26-майда Индия жаңы премьер-министри Модинин кызматты ээлешинин ырасымы болуп өттү. Анын партиясы парламенттеги жалпы 545 орундун 282 орунун ээлеп күчтүү жеңишке жетишип, парламентте 44 орунга гана ээ болгон «Индия Улуттук Конгресс» партиясын (ИУК) чоң тарыхий жеңилүүгө учуратты. Биринчи жолу мындай ырасымга Пакистан премьер-министри да келди. Негизи, Моди аны менен жолугушууну каалап, аны ушул ырасымга чакырган. Бул эмнелерге далалат кылат? Бул эки мамлекеттин ортосундагы алакалар Америка саясаты жана Американын эки мамлекетке, регионго тиешелүү пландары алкагында кандай алып барылат, бул алакалар Кытай жана Афганистанга кандай таасирин тийгизет?*

**Жооп:**

5 – Чынында, Американын Модини шайлоолор учурунда колдоп-кубатташы этибарды тарта турган даражада болду. Себеби, Модини мактап,

ага добуш берүүгө үгүттөө кампаниясы Индияда гана эмес, чет элдеги, айрыкча, Америкадагы кеңири чөйрөдөгү индус уюмдарына чейин жайылды. Бул уюмдар Модини индустардын лидери жана азчылык улуттар менен иштешүүгө даяр жетекчи катары көрсөтүп үгүт иштерин алып барышты. Модини колдогон ушул уюмдардын айрымдары: «Америка-Индия уюму» жана «Индус-Америка саясий аракетинин комитети». Бул уюмдар түздөн-түз же кыйыр түрдө БЖП менен байланышкан о.э. алар «чет элдеги БЖПнын достору» вазыйпасын аткарат, Америкада жана башка мамлекеттерде жашаган миңдеген индустар менен байланышы бар.

Вашингтондогу «American Enterprise» борбору басып чыккан кабар бул партиянын күчтүү колдоп-кубатталганын тастыктайт. Бул кабарга ылайык, шайлоо кампаниясын акча менен камсыздоо үчүн чет элде чогулган акчалардын чоң бөлүгү БЖПга жиберилген. Компаниялар менен базар экономикасын өнүктүрүү саясатын колдогон он миңден ашуун Америка жана Европа жарандыгына ээ индустар да шайлоо кампаниясында Модини колдоп-кубаттоо жана шайлоочуларды ага добуш берүүгө үндөө үчүн Индияга келишти. Табигый болгондой, бул партия досторунун, анын саясатын колдоп-кубаттоочулардын жана Моди тарапкерлеринин күчтүү жардамынан пайда болгон бул кубаттын Модинин аброюн көтөрүүдө жана башка партиялардын шайлоо кампанияларын четке сүрүүдө ролу күчтүү болду.

Кандай болбосун, Американын Ыраакы жана Ортоңку Чыгыштагы кызыкчылыгы фанатиктүү индус Модинин жеңиши артында тургандыгы анык. Араб тилиндеги Би-Би-Си 2014-жылы 19-майда «Көз караш: Моди Индия-Америка алакаларына кандай таасир өткөрөт?» деген макаланы басып чыкты. Лиза Кертис калемине таандык «Моди менен бирге иштөө» деген аталыштагы макалада мындай делет: «Нью-Дели менен Вашингтонду терроризмге каршы күрөшүү, деңиз жолдору үстүнөн көзөмөл орнотуу, Кытайдын көтөрүлүшүнө каршы туруу сыяктуу стратегиялык максаттар

байланыштырып турат. БЖП Кытайга активдүү каршы туруу саясатына кызыкдар, бул болсо америкалык жоопттууларга жаңы өкмөт менен тыгыз кызматташтык кылуу мүмкүнчүлүгүн берет». Америка президенти Барак Обама да – Ак үй чыгарган билдирүүгө ылайык – Модини жеңиши менен куттуктоо үчүн телефон аркылуу байланышып, аны Кошмо Штаттарга келүүгө чакырды. Обама Моди менен иштерди жөнгө салуу жана «Кошмо Штаттар менен Индия ортосундагы стратегиялык кызматташтыкты бекемдөө жөнүндө кезексиз келишимге жетишүү» үчүн аны менен жолугушууга ынтызар экенин айтты. Би-Би-Си Арабий 2014-жылы 16-майда басып чыккан кабарга ылайык, Обама «эки мамлекет ортосундагы алакаларды жакшылоо чечимине келишип алган учурда Модини Америкага чакырган».

6 – Ошентип, Америка шайлоолор бүтөрү менен жана Моди башчылыгындагы БЖП жеңишке жеткен акыркы расмий натыйжалар жарыяланышынан мурун кандай позицияда турганына күбө болдук. 2014-жылы 12-майда «Ортоңку Чыгыш» гезитинде мындай делет: «Обама али акырына чыга элек Индия шайлоолорун алкыштады. БЖПнын жеңишин көрсөткөн алдын ала божомолдор гана белгилүү болчу. Негизи, корутунду натыйжалар 2014-жылы 16-майда маалымдалат». Обама мындай дейт: «Биз жаңы Индия өкмөтүн көрүүгө жана келерки жылдардагы өз ара аракетибиз жемиштүү болушу үчүн жаңы Индия жетекчилиги менен тыгыз кызматташууга ашыгып жатабыз...». Бул болсо Америка Моди башчылыгындагы БЖПнын жеңишке жетишүүсүн канчалык каалаганын көрсөтүп турат. Бул партия 1998-2004-жылдары бийликте турган Атал Бихари Важпаи жетекчилиги астында да Америка менен кызматташтык кылган. Ошондуктан, бул партиянын жеңишке жетишкени 2014-жылы 16-майда расмий түрдө жарыяланышы менен Обама дароо анын башчысы Модини телефон аркылуу куттуктады жана аны Вашингтонго келип, жолугушуу өткөрүүгө чакырды. Америка президенти Моди менен өткөргөн телефон сүйлөшүүсүндө «кызматташтык келишимин узартуу жана бул

келишимди кеңейтүү о.э. Кошмо Штаттар менен Индия ортосундагы стратегиялык өнөктөштүктү өнүктүрүү үчүн Моди менен тыгыз кызматташтык кылууга үмүттөнүп жатканын» көрсөтүп өттү. (Индия телевидениеси, 2014-жыл, 17-май). 2014-жылы 5-июнда болсо эки гезит т.а. «Times of India» жана «Hindustan Times» гезиттери кабар таратты. Кабарга ылайык, Моди Америка президенти менен жолугушуу үчүн сентябрда Вашингтонго барат. Булардын баары Америка «өзгөчө стратегиялык өнөктөштүк» наамы астында Моди жетекчилик кылган партиянын башчылыгындагы Индия менен алакаларды бекемдөөгө толук ишеничте экенин көрсөтүп турат. Агенттиктер ушул жылдын башында Американын Индиядагы элчиси БЖП башчысы Моди менен жолугушканы жөнүндө кабарларды тараткан. Ушул жолугушуу шайлоолордон мурун болуп өткөн, бул болсо ортоктош пландар түзүлгөнүн, Моди бул пландарды шайлангандан кийин Америка саясатына ылайык ишке ашырууга киришүүсүн көрсөтөт.

Америка Модинин жеңишке жеткенине жана ИУК өкүмдар болгон он жылдан кийин БЖП бийликке кайтканына кубанды. ИУК бийликте турганда Америка менен Индия ортосундагы алакалар жакшы эмес эле. Себеби, ИУК айрыкча Кытайга каршы туруу маселесинде Америка менен келише албаган. Ошондуктан, Обама Америка малайлары бийликке кайткандыктан өз кубанычын билдирүү үчүн Индиядагы шайлоолордун натыйжаларын чыдамсыздык менен күттү. Обама кубанганынан улам Модини Гужарат штатындагы мусулмандардын кыргыны себептүү Кошмо Штаттарга кирүүгө тыюу салуу жөнүндөгү Америка токтомун да унутуп койду. Ошол кыргында Моди ушул штаттын премьер-министри болчу. Мында Американын адам укуктары жөнүндөгү жалгандарына алданган кимселер үчүн сабак бар. Америка өзүнүн кызыкчылыктарын «адам укуктарынан» жогору коёт. Ошондуктан, Американын Модини АКШга кирүүгө тыюу салуу жөнүндөгү токтому Модини жеңиши менен куттуктап, Кошмо Штаттарга чакырууга айланды...

Ушуга ылайык, Америка БЖПнын бийликке кайтканына кубанып жатат. Бул болсо, Индия жана Пакистандагы акимдер Америкага канчалык малай экенин көрсөтүп турат. Ошондуктан, Америка Пакистандагы малайларынан, оболу, премьер-министр Наваз Шарифтен Индиянын Кытайга каршы туруудагы позициясын бекемдөө үчүн Индиянын пайдасына дагы да көбүрөөк жан берүүлөрдү талап кылышы күтүлөт. Башкача айтканда, Америка Пакистандын эсебинен Пакистан менен Индиянын ортосундагы жаңжалды токтотууну каалоодо... Пакистан менен Индиянын ортосундагы эки тараптуу алакалардагы негизги оор маселе жаңжалдуу Кашмир региону, андан кийин Индияда иш-аракет алып барып жаткан куралдуу Исламий топтор маселеси турат. Нью-Дели Пакистанды бул топторду колдоп-кубаттоодо айыптоодо. Ошондуктан, Америка экстремист индус Нарендра Модини жана анын партиясын ыраазы кылуу үчүн Америка малайы Наваз Шарифке Кашмирде Индия пайдасына чоң жана кооптуу жан берүүлөргө кадам таштаы үчүн басым өткөрүшү күтүлөт. Америка «терроризм» деп атап жаткан нерсени жок кылуу үчүн Наваз Шарифтен Кашмирдеги мужахиддерди куугунтуктоону да талап кылат. Мындан өнүгүп келе жаткан Кытайга каршы туруу үчүн Индияга мүмкүнчүлүк берүү көздөлгөн...

1998-2004-жылдары БЖП бийликте турган убакта да ушундай болгон. Ошондо да Пакистан Кашмир жаатында – ал жердеги Америка малайларын күчөтүү жана Америка таасирин бекемдөө үчүн – Индиянын пайдасына жан берүүлөргө барган. Наваз Шариф Американын көрсөтмөсү менен Пакистан армиясына Каргилл дөңсөөлөрүнөн чыгып кетүүнү буйруган. Негизи, бул дөңсөөлөрдү армия менен мужахиддер каармандык согуш алып барып азат кылышкан. Бул жан берүү Наваз Шариф 1999-жылы 4-июлда Америкага барып ошол убактагы Америка президенти Билл Клинтон менен жолугушкандан кийин жүз берген эле. Ошондо Америка Навазга армияны алып чыгып кетиши үчүн басым өткөрдү жана Наваз моюн сунуп армияга чыгып кетүү жөнүндө буйрук берди. Мына азыр да ушул Наваз жан

берүүлөрдү дагы улантууда. Наваз Шариф 2014-жылы 26-майда жаңы Индия премьер-министри Модинин ант берүү ырасымында катышкандыгы жана аны менен жолугушуп бир жарым саат сүйлөшкөнү бул жан берүүлөрдүн белгилери болуп эсептелет. Моди ага мындай деди: «Пакистан өз жериндеги согушкерлерди бастырышы, согушкерлердин Кашмирге киришин токтотушу жана 2008-жылы Мумбайга чабуул кылгандарды жазалашы керек» (Рейтер, 2014-жыл, 27-май). Наваз Шариф алсыздык көрсөтүп, кордук менен баш ийди. Ал буга каршы эч болбогондо тең даражада да жооп бербеди. Тескерисинче, ал журналисттерге: «Моди менен эки жактуу жылуу жана достук жолугушуусун өткөргөнүн» гана айтты. Акыйкатта болсо, Индиянын Гужарат штатында жүз берген окуялар мусулмандардын көз алдында дагы эле турат. 2002-жылы Нарендра Моди Гужарат штатынын премьер-министри болуп турган убакта индустар мусулмандарга каршы жырткыч иштерди жасашып, акыбетте 2000ден ашуун мусулман өлтүрүлгөн жана 100 миңге жакын мусулман өз жеринен кууп чыгарылган. Бул мусулмандар дагы эле азап тартышууда, үйлөрүнө дагы дале кайта алышпады, штат өкмөтү да, Индиядагы борбордук өкмөт да аларга эч кандай жардам көрсөткөн жок. Наваз Индия Пакистанга караштуу Балужистан жериндеги сепаратисттерди колдоп-кубаттап жатканын да козгободу. Ошентип, Наваз эч болбогондо ушулардын баарын жаңы Индия премьер-министри Модинин бетине айтуунун ордуна Америка саясатынын талаптарына моюн сунуп Моди алдында кор болуп турду!

7 – Башка тараптан, Америка Индияга Афганистанда роль бергени жана бул эки мамлекет ортосундагы алакаларды бекемдөөгө аракет кылып жатканы байкалууда. Америка Афганистанда туруктуулукту камсыздоодо Пакистанга муктаж болуп калбоо үчүн Индия менен Афганистан ортосундагы алакаларды бекемдөөгө аракет кылууда. Ошондуктан, Моди ант берүү ырасымында жолугушкан биринчи президент Афганистан президенти Карзай болду. Америка учурда Индиядагы бийлик Америкага баш ийип

турганда Пакистанга караганда Индияга көбүрөөк ишеним артат. Ал тургай, Пакистандагы бийлик Америкага малай болсо да, бирок, Америка бул исламий өлкөдө ар кандай учурда ар кандай өзгөрүү жүз бериши мүмкүндүгүнөн коркот. Ошондуктан, Америка Пакистанга узак убакыт аралыгында ишенбей келүүдө. Себеби, бул өлкө калкы өзгөрүү жасоо аракетинде. Ал жерде Батыштан, айрыкча, Америкадан бүтүндөй азат болууга карай чыныгы жана олуттуу умтулуу бар. Америка бул өлкөдөгү режимдин желкесине минип алып, өз малайларын бийликке алып келүүдө, армия командачылыгын да өз чеңгелинде кармап турат. Ушул таризде Америка Пакистандагы саясий жана аскерий жетекчиликте өзүнүн таянычтарын пайда кылып алган.... Америка Үммөт анын таянычтарын кулатышынан коркууда. Америка Үммөт Ислам башкаруусун тургузуп, Халифалыкты тикелешинен эң көп коркууда жана абдан тынчсызданып жатат... Ошондуктан, Америка өзүнүн аскерлерин Афганистандан «чыгаргандан» кийин Афганистандагы иштерди тартипке келтирүүдө Пакистан режимине таянуу менен гана чектелбей, Индияга Афганистандагы абалды тартипке салууда өзүнчө роль бермекчи. Бул болсо, Америка жана Батыш күчтөрү Афганистандан чыгып кеткенден кийин Индия менен Афганистан ортосундагы коопсуздук боюнча кызматташтыкты бекемдөө жана Америка коопсуздук жагынан көбүрөөк Индияга таянышы менен ишке ашырылат. Американын «Сайенс Монитор» гезити 2014-жылы 1-июнда Индия-Афганистан алакалары жөнүндө отчёт басып чыкты. Отчётто мындай делет: «Афган президенти Хамид Карзай өткөн аптада жаңы Индия премьер-министри Нарендра Модинин ант берүү ырасымында катышканда өзү менен кошо Афганистан колго алууну каалап жаткан тизмени алып келди. Тизме танктар, курал-жарактар, жүк машиналары жана вертолётторду камтыйт». Гезит минтип кошумчалады: «Карзайдын талаптары Нью-Дели Кабулга жеткирип берип жаткан аскерий жардамдарын көбөйтөбү же жокпу деген маселе Индус өкмөтүндө жана аскерий чөйрөлөрдө талкууланып жаткан

учурга туура келүүдө...». Гезит дагы мындай деп жазат: «Индиянын Афганистан менен адаттагы жылуу алакалары бар. Индия Талибан бийлиги доорунда Афганистандан четтеп, учурда Кабулдун стратегиялык шеригине жана досуна айланган». Ошентип, Индия Америка малайы Моди доорунда Афганистандагы Америкага малай режимдин пайдасына коопсуздук жагынан активдүү роль ойномокчу.

8 – Кытай жөнүндө айта турган болсок, Кытайдын таасири акыркы жыйырма жыл аралыгында күчөдү. Себеби, Кытай региондогу өзүнүн абалын бекемдөө үчүн аракет алып барды. Америка Кытайды анын айланасындагы Япония, Түштүк Корея, Вьетнам жана Индия сыяктуу мамлекеттер аркылуу тизгиндөөгө аракет кылууда. Кошмо Штаттар Кытайды кысымга алуу жана аны өз чегараларынын жанында жайгашкан мамлекеттер менен ар дайым алек кылып коюу максатында түрдүү союздарды жана өнөктөштүктөрдү түздү. Америка өз планына ылайык Индияны Кытайга каршы туруучу татыктуу мамлекет деп билди. Себеби, Индия менен Кытай ортосунда чегараларга тиешелүү түрдүү келишпөөчүлүктөрдөн улам мурунтадан келе жаткан душмандык бар.

Ошентип, Америка Кытайга басымдарды күчөтүү үчүн Индияны таасирдүү таризде ишке салуу планын түздү. Америка ушул аркылуу Кытайды кысымга алып, Кытайды өз айланасындагы региондорду өз көзөмөлүнө алышына тоскоолдук кылмакчы, аны өз жеринде камалган абалда калтырып, Индия менен жана өз чегараларын коргоо менен алек кылып коймокчу. Ушул максатта Америка эки жыл мурун Азия-Тынч Океанына карата өз планын жарыялады. Америка Кытайга каршы туруу үчүн өзүнүн деңиз күчтөрүнүн 60%га жакынын ушул регионго топтошу жана региондогу мамлекеттер менен – аларды өз тарабына оодуруу жана Кытайга каршы аракет кылууга багыттоо үчүн – союздарды түзүшү ушул саясаттын бир бөлүгү. Бул мамлекеттер арасында Индия да бар. Америка Индиянын этибарын Тынч Океанындагы чыгыш регионго, аныгы, Түштүк Кытай деңизи

регионуна каратууга аракет кылды. Америка Индияны бул региондогу нефть жана газ сыяктуу энергия булактары менен кызыктырууга урунду. Бирок, ИУК башчылыгындагы Индус бийлиги бул багытта Америкага кошулбады. Акыйкатта болсо, Америка ИУК башкарып жаткан Индияны Кытайга каршы туруу иримине тартуу үчүн бүткүл таянычтарын ишке салып басым өткөргөн эле. Америка ушул максатта өткөн жылдын ортосунда вице-президент Жозеф Байденди о.э. мамлекеттик катчы Жон Керрини Индияга жиберген жана Австралияны Индия менен кызматташтык кылууга үндөгөн. Америка Пакистанга – Индия пайдасына жан берүүлөргө жана Индия менен чектешкен чегаралардан өз күчтөрүн алып чыгууга мажбурлоо үчүн – басым өткөрдү. Себеби, ошондо Индия өз күчтөрүн жана бүткүл этибарын Кытай менен чектешкен чегараларга көчүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Жорж Буш да 2006-жылы ИУК доорунда Индияга келип, Индияны колдоп-кубаттаган бир нече келишимдерди, алардын катарында, ядролук энергиядан тынч максаттарда пайдалануу тармагындагы келишимге кол койгон. Обама да Индияга 2010-жылы ноябрда келди. Булардын баары Индияда бийликте турган ИУКка таасир өткөрүү жана аны Америка саясатына тартуу үчүн жасалган. Бирок, Америка ИУКка – бул партия Америка саясатынын алкагында жүрүшү үчүн же Америка саясатын ишке ашырууда Америка тарабында турган күчтүү шерик болушу үчүн – таасир өткөрө албады. Мунун себеби ИУК англистерге малай экендигинде жана Америка саясатын сындашында... Бул партиянын 2005-жылдагы шайлоолордогу билдирүүсү ушуга далалат кылып турат. Ошол билдирүүдө мындай делген: «Бул улуу Индия мамлекети АКШга ээрчиген жөнөкөй бир мамлекетке айланып калганы өкүнүчтүү. АКШ жетекчилиги Индияны малай кылып алууну кепилдей алды. Бул болсо, бийлик Индиянын улуттук коопсуздук кызыкчылыгына жана тышкы саясатына маани бербей, Кошмо Штаттардын кызыкчылыгына жана саясатына ылайык өзүнүн саясатын өзгөртүшүнө алып келди».

Ошентип, Америка ИУКту Кытайга каршы Америка саясатын ишке ашырууга көндүрө албаган. Мындан тышкары Кошмо Штаттардын Индус армиясынын командачылыгын Индия армиясын Пакистандан Кытайга каршы жайгаштырууга көндүрүү аракети да ийгиликсиздикке учурады. Индус армиясы бүткүл этибарын ички туруктуулукка, Кашмирге жана Пакистан менен чектешкен чегараларга каратат. Пакистан менен чектешкен чегаралар бойлоп тогуз Индия армиясынан жетөөсү о.э. үч аскерий бригада жайгаштырылган. Индия армиясынын негизги аскерий базаларынын 80%ы Пакистанга каршы багытталган.

Бирок, учурда 2014-жылы майдагы шайлоолордо БЖП жеңишке жетишти, бул партия токсонунчу жылдардагы Важпаи доорунан бери ар дайым Кошмо Штаттарга малай болуп келген. Ошондуктан, Америка Индияны Кытайга каршы багытташы үчүн дагы бир учур пайда болду. Индияны Кытайга каршы багыттоо алдында турган чоң тоскоолдук т.а. ИУКтун бийликте турушу жок болду. Ошондуктан, Америка өзүнө малай БЖПны Индия армиясын Пакистан менен чектешкен чегаралардан Кытай менен чектешкен чегараларга топтоого көндүрүшү оңой болуп калды. Айрыкча, Пакистандагы саясий жана аскерий жетекчиликтин Америка талаптарына моюн сунушу этибарга алынса, Кошмо Штаттар БЖПга Пакистан жетекчилиги Пакистан армиясын түндүк региондор бойлоп жайгаштырышы, Пакистан армиясынын Индия менен чектешкен чегаралардагы даярдыгын жана аскерий техникасын азайтышы тууpасында кепилдик бериши анык! Маалымат үчүн айтабыз, Пакистан кургактык күчтөрү негизинен 13 армиядан турат, алардын тогузу Индия чегараларынын жанында жайгаштырылган. Мушарраф жана Кияний доорунан тартып түндүк региондордогу жана Суват регионундагы аскерий операциялар бул армиялардын айрымдарын Индия чегараларынан алыска көчүрүүгө алып келди.

2013-жылы январда генерал Кияний мамлекеттин стратегиялык доктринасын жарыялады. Натыйжада, аскерий абалга өзгөртүү киргизилди жана мамлекет коопсуздугунун эң чоң коркунучу Индия эмес, ички коркунучтар деп белгиленди. Муну менен Пакистан бүткүл этибарын Индия чегараларынан Афганистан менен чектешкен өзүнүн түндүк региондоруна каратты. Бирок, Индия Пакистандын кадамына жооп катары дал ушундай кадам таштаган жок, тескерисинче, Индия Пакистанды дагы эле негизги коркунуч катары кароодо. Ошондуктан, Индия өз күчтөрүн Пакистан чегараларынан бүтүндөй алыстатуудан баш тартып келди.

Кандай болбосун, азыр Индия жана Пакистан режимдери Америка саясатын аткарууда. Ушул максатта Америка Пакистанды Афганистан жана Түндүк региондор иши менен алек кылып коюуну улантууда. Арийне, бул жерде ири Индия аскерий күчтөрүнүн Пакистан менен чектешкен чегараларда турушун актаган эч кандай негиз калбайт. Бул болсо Индияга өз күчтөрүн негизинен Кытайга каршы топтоо мүмкүнчүлүгүн берет. Ушул максатта Кошмо Штаттар Индияга коопсуздук келишимдери аркылуу аскерий жабдыктарды жеткирип берет. Учурда бийликте БЖП турат, бул партия көптөн бери жарым аралда полицей ролун ойноону арзуу кылып келген жана ал ушул жолдон барат. Америка Индияга инвестиция жаткыруу жана Индия экономикасына жардам көрсөтүү үчүн технологияларды жеткирип берүү сыяктуу экономикалык келишимдерди сунушташы күтүлүүдө. БЖП Түштүк Кытай деңизиндеги энергия булактарына ээ болууга аракет кылып, өзүнүн аскерий даярдыктарын жан үрөп кеңейтиши да ыктымалдан алыс эмес.

Америка Кытайды кысымга алуу, көзөмөл астына алып анын аракеттерин чектеп коюу жана Индия Кытайга атаандаш күч катары майданда пайда болушу үчүн бул стратегиялык кызатташтыкты бекемдөөдөн шек-күмөнсүз кызыкдар. Айрыкча, БЖП шайлоолордо бир өзү бийликте

турушуна мүмкүнчүлүк берген көпчүлүк добушту алып жеңишке жетишкени Америка Индияны Кытайга каршы аракеттендиришин жеңилдетет:

а) Тибет регионунун эгемендүүлүк маселесин, Кытай менен Индия ортосунда Ладакх регионундагы чегарада жүз берген келишпестик маселесин козгоо...

б) Соода жолдорунун т.а. Кытай деңизи аркылуу өтө турган соода жолдорунун коопсуздугу, бул жолдор аркылуу эл аралык жүктөрдүн 50%ы өтөт.

Булардын баары Кытайга проблемаларды туудуруп, Кытайды аларды чечүү менен алек кылып коёт. Арийне, Кытайды анын айланасындагы региондорго камап коёт. Бул болсо, Американын Кытайга каршы даярдаган саясатына ылайык келет. Америка Модини Кытайга каршы аракеттендире алганы көрүнүп турат. Себеби, Моди армиянын мурунку командачысы В.К.Сингхти түндүк-чыгыш региондун – ал жердеги улуттук коопсуздук абалын реформалоо үчүн – министри кылып дайындады. Модинин айтымында, бул региондогу коопсуздук абалы мурунку бийлик доорунда күчсүздөнүп калган. Ал бейшемби күнү ант берүү ырасымынан кийин журналисттерге «түндүк-чыгышты өнүктүрүү менин эң биринчи даражалуу вазыйпам болот» деди. Ошондуктан, Сингх түндүк-чыгыштагы Кытай менен чектешкен чегаралар бойлоп 80 миң аскерден турган күчтөрдү түзүүгө тиешелүү Индия планына дагы көңүл бурушу күтүлөт.

Ошентип, Америка Индияны Кытайга каршы аракеттендирүү планын улантууда. Бул үчүн Индиянын Пакистан менен чектешкен чегараларынын коопсуздугун камсыздайт. Ушул максатта Америка Пакистан жетекчилигине Пакистан армиясын Афганистан менен чектешкен чегараларга жана түндүк региондорго жиберүүнү буюруп жатат. Америка Пакистан армиясы бүткүл күчүн Кашмирди туткундуктан куткарып азат кылууга каратуунун ордуна өзүнүн мусулман боордошторуна каршы согушка киришин көздөп жатат.

Акыйкатта болсо, Аллах мусулмандарга Аллахтын душмандары мусулман өлкөлөрүнө өкүмдар болуп алышына мүмкүнчүлүк бербөөнү фарз кылган.

***«Жана Аллах эч качан кафирлер үчүн момундар үстүнө жол бербейт»*** [4:

Америка кылмыштары, фитналары жана мамлекеттердин суверенитетин бузуу менен эң жырткыч колонизаторлордон да өтүп кетти... Америка өзүнүн колонизаторлук кызыкчылыктары үчүн ар кандай кылмыш жана фитнаны жасоого даяр. Ал Кытайга каршы ачык түрдө фитнага тил бириктирип жаткан болсо, Индияга каршы жашыруун түрдө фитна кылууда. Америка Индияга кургактык жана денгизде Кытайга каршы туруу Индиянын кызыкчылыгына кызмат кылат деген элести берүүдө жана Индияны жардамдар, стратегиялык союздар менен кызыктырууда. Негизи булардын баары Индияга зыян болот. Себеби, Кытай Индияга караганда материалдык жана пикирий жактан күчтүү... Ошентсе да, Кытай менен Индияны бириктире турган нерсе да жок жана алар бири-бирине каршы күрөшкө кириши таң калычтуу да эмес. Бирок, Пакистан жана Афганистан режимдери мусулмандарды өлтүрүүнү талап кылган Америка саясатын аткарып жатканы таң калтырат... Мындан да таң калычтуусу – бул эки залим режим дагы эле адамдардын желкесинде олтурганы! Аллах Ислам менен азиз кылган бул Үммөткө Исламды бекем кармап, аны хакам кылышы, тигил режимдерди жок кылып, Ислам мамлекети, рошид Халифалыкты кайрадан тикелеши важиб. Халифалык Американы жана анын фитналарын талкалап, Афганистан, Пакистан жана бардык мусулман өлкөлөрүн Аллахтын боордош пенделерине айлантат.

***«Ошол күндө момундар Аллах үстөм кылганы себептүү шаттанышат.*** *(Аллах)* ***Өзү каалаган кишини үстөм кылат. Ал кудурет жана ырайым Ээси»*** [30:4-5]

**13-шаъбан, 1435-х.**

**11-июнь, 2014-м.**

**Пакистандын «Ядролук материалдарды жеткирүүчү топко» кошулуу жөнүндөгү талабы**

**Суроо:** *Пакистан тышкы иштер министрлиги «ядролук материалдарды жеткирүүчү топко кошулуу туурасында расмий талап тапшырганын билдирди. Бул кадам бул клубдун ичинде карама-каршылыкка алып келишинин ыктымалы күчтүү. Себеби, мындан мурун клуб Индиянын кошулуу жөнүндөгү талабын да алган. Рейтер: 2016-жыл 20-май». Америка Пакистандын талабына каршы чыкты. Мурдараак Кытай Индияны бул топко кошуу жөнүндөгү бир нече сунуштарга каршы чыккан, бирок, Америка каршы чыкпаган... Бул клубга Индиянын кабыл алынышына Кытайдын каршы чыгып жатканын түшүнсө болот. Бирок, Американын Индия талабына каршы чыкпай, Пакистан талабына каршы чыгышы суроо туудурат. Себеби, Индиядагы режим да, Пакистандагы режим да учурда Америкага малай. Ошондой болгон соң, бул эки түрдүү мамилени кандай түшүнсө болот? Негизи, бул топ кандай иш-аракет алып барат? Сураныч, ушул маселени ачыктап берсеңиз. Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.*

**Жооп: бул маселени төмөнкү көрүнүштө карап чыгабыз:**

Биринчи: колонизатор кафир мамлекеттердин өз малайларына карата мамилеси бул малайлардын мамлекетине карап жана бул мамилелерден көздөлгөн максатка карап айырмаланат:

1 – Малайлардын мамлекетине карап мамиленин айырмаланышына келсек, бул мамиле ушул малайлар мусулман өлкөлөрүнүн акимдери болобу же кайрымусулман мамлекеттеринин акимдери болобу, ушуга байланыштуу. Себеби, колонизатор мамлекеттер мусулман өлкөлөрүндөгү акимдерге жок болуп кетүүчү акимдер деген назарда карайт. Ошондуктан, бул акимдер менен ар кандай келишим түзүлүп жатканда колонизаторлор бул келишим эртеби-кечпи ушул акимдер өзгөргөн убакта бузулушун эсепке алышат. Колонизаторлор кафир мамлекет менен түзүлгөн келишимди мусулмандар

кабыл албашын, жалаң басым жана мажбурлоо менен гана кабыл алып жатышканын, бул болсо узакка созулбашын да эсепке алышат. Ошондуктан, Индия режими менен Пакистан режими учурда Америкага малай болсо да, бирок, Америка Пакистандагы адамдар мусулмандар экенин, алар Америка таасирин кабыл албашын унутпайт... Ал эми, Индиядагы адамдар – кафир мушриктер, куфр болсо бир улут. Ошондуктан, Американын Индия режимине карата мамилеси Пакистан режимине карата мамилесинен айырмаланат.

2 – Индиядагы режим да, Пакистандагы режим да Америкага малай болсо да, бирок, Американын бул эки мамлекеттен көздөгөн максаты ар түрдүү. Себеби, Америка Индиянын Кытайга каршы «найза» болушун максат кылат. Ал эми, Американын Пакистанга карата максаты – Пакистанды Америкага каршы күрөшүп жаткан Пакистан жана афган каршылык кыймылына каршы коюу. Башкача айтсак, Индияны куралдантуудан максат – Кытайды күчсүздөнтүү болсо, Пакистанды куралдантуудан максат – жогорудагы каршылык кыймылын күчсүздөнтүү.

3 – Жогорудагы эки абал себептүү Америка Индиядагы режимди ядролук куралдануу жагынан жана заманбап куралдар менен күчтүү колдоп-кубаттоодо. Максаты – Кытайга каршы туруу. Бирок, Америка Пакистандагы режимди ядролук куралды өнүктүрүү менен колдоп-кубаттабайт, тескерисинче, жөнөкөй жеңил жана оор курал-жарактар менен гана колдоп-кубаттайт. Американын мындан максаты – каршылык кыймылына каршы туруу.

Экинчи: бул жөнүндөгү сөз жалпы таризде болуп калбашы үчүн Америка Индияга жана Пакистанга карата – бул экөөсү ядролук мамлекетке айлангандан тартып – кандай мамиледе болгонун карап чыгалы:

1 – Пакистандын Индия менен атаандашуусу 1965, 1971-жылдардагы согушта чокусуна жетти. Муну менен бир катарда Индия өзүнүн ядролук программасын ишке ашырууга катуу аракет кылды. Бул болсо Пакистан

коопсуздугуна коркунуч туудурат эле. Ошондуктан, Пакистан аскерий максаттарга кызмат кылган ядролук программаны жашыруун таризде түзүүгө киришти. Бул аракет жөнүндө алгачкы ирет Пакистан тышкы иштер министри Зулфикар Али Бхутто маалымдады. Зулфикар Али Бхутто мындай деген: «Эгер, Индия ядролук бомбага ээ болсо, биз чөп-чар жей турган болобуз, ачкалыктан өлөбүз жана миң жыл артка кайтабыз. Бирок, биз да өз кезегинде бир бомбага ээ болобуз... масихийлер ядролук бомбага ээ, яхудийлерде да ядролук бомба бар, азыр болсо индустар ядролук бомбага ээ болушууда. Ошондой болгон соң, эмне үчүн мусулмандар да мындай бомбага ээ болбошу керек? (Asia. Weekly Blitz (Dhaka Yasin Rahil (16 January 2009) War clouds hovering over South). Пакистан ушул максатта ядролук изилдөөлөр институтун түзүп, ага «ядролук энергия кеңеши» деген наам берди. Пакистан тынч максаттарда иштетилген ядролук энергияга ээ болууга аракет кылды. 1965-жылы биринчи изилдөө реактору ишке түшүрүлдү. 1972-жылы болсо табигый урандан ядролук энергия алуу биринчи станциясы жана оор суу станциясы (Карачи ядролук энергия станциясы) ачылды. Бул эки ядролук станция атом энергиясынын эл аралык агенттигинин толук көзөмөлү астына киргизилди... Пакистандын бул тармактагы аракеттери Индия 1974-жылы өзүнүн ядролук бомбасын жардырганга чейин жөнөкөй таризде улантты. Индия өзүнүн ядролук бомбасын жардырып сыноодон өткөргөндөн кийин Пакистандагы мусулмандардын туйгулары козголду. Бул болсо Пакистан өз ядролук объектилерин куруп, ядролук жанылгыга ээ болуу же аны иштеп чыгаруу жаатындагы аракеттерин тездетишине таасир кылды. Пакистан 1987-жылы ядролук жанылгыга ээ болууга жетишишти.

Пакистан Индиянын жөнөкөй куралдардагы үстөмдүгүн этибарга алып өз жерлерине жат аскерий бөлүмдөрдүн жылжып киришин токтотуу үчүн ядролук куралдарды ишке салуу саясатына таянууга туура келди. Мындан тышкары Пакистан ядролук бөрктөрдү жеткире алган баллистикалык ракеталар (Гаури, Шахин, М-11, Тармук... жана башкалар) программасын

ишке ашырууга да киришти. (http://www.atomicarchive.com Reports/India/Misseles.shtmI).

Ошентип, Пакистан суук согуш доорунда жана андан кийин өзүнүн ядролук программасын кеңейтүүгө күчтүү аракет кылды. Натыйжада, бул программа кеңейип ядролук аскерий бөрктөрдү иштеп чыгаруу менен бирге баллистикалык ракеталарды иштеп чыгаруу жана самолёттордү өнүктүрүп, ядролук бөрктөрдү жеткире алдырган системаларын да өз ичине камтыды.

2 – Америка суук согуш доорунда да, андан кийин да Индиянын ядролук программасын колдоп-кубаттады. Америка Индияны оор суу изилдөөлөр реактору (CIRUS) менен камсыздады. Бул реактор плутонду алуу үчүн зарыл. Индия андан пайдаланып 1974-жылы ядролук бомбасын жардырып сыноодон өткөрдү. Бул убакытка келип Вашингтон Бомбей сыртында жайгашкан Тарапурдагы ядролук энергия станциясына байытылган уранды жеткирүү жөнүндөгү 30 жыл мөөнөткө түзүлгөн келишим боюнча алып барылып жаткан сүйлөшүүнү кайра баштоого чечим кылды.

Кошмо Штаттар менен келишим түзүү боюнча алып барылган бул сүйлөшүү Индияга теңдешсиз мүмкүнчүлүк берди. Индия бул мүмкүнчүлүктөн пайдаланып өзүнүн ядролук кубатын жана коргонуу тармагын кеңейте турган, ядролук ыдыроодон заттарды ажыратып ала турган, баллистикалык ракеталарга каршы калкан системасын жана ядролук бөрктүү ракеталарды атуучу суу асты кемелерин өнүктүрө турган болду. Бул болсо Индияга анык үстөмдүк мүмкүнчүлүгүн берет эле. Индия параллель түрдө аскерий түзүм бойлоп ракеталарды (Агни, Притхви... жана башкаларды) иштеп чыгарууга жана өзүнүн аскерий инфраструктураларын өнүктүрүүгө да киришти. (http://www.atomicarchive.com /Reports/India/Misseles.shtmI).

3 – Ушул таризде Индия жана Пакистан ядролук мамлекеттерге айланды. Америкага малай «Жаната» партиясы 1998-жылы апрелдеги

шайлоолордо жеңип чыгышы менен абал капыстан өзгөрдү. Себеби, «Бхаратия Жаната» партиясы беш ядролук сыноону өткөрдү. Анын артынан Американын дагы бир малайы Пакистан режими да алты ядролук жардырууларды ишке ашырды. Клинтон жетекчилигинин буга каршы билдирген мамилеси – Клинтондун президенттик доору бүтүшү жакындашып калганына байланыштуу – эки мамлекетке каршы санкция колдонуу болду. Бул болсо Америка Индия жарым аралындагы бул эки ядролук күчтү тымызын моюнга алганына далалат кылат.

4 – Буш жетекчилигинин дооруна келип Американын Пакистан жана Индия менен болгон алакасы сезилээрлик түрдө өзгөрдү. Себеби, Америка Индиянын үлкөн мүмкүнчүлүктөрүн моюнга алды. Натыйжада, Индия Кытайга каршы бекем чеп жана стратегиялык шерик болууга ылайык талапкерге айланды. Ошол эле учурда, Америка Пакистанга НАТО блогунан тышкарыдагы негизги союздаш статусун берди. Мында Америка Пакистандан анын ордуна Уруулар регионунда «терроризмге» каршы согушууну талап кылды. Бул саясат «алакалар сахнасы – the de hyphenation of relations» деп аталды. Т.а. Америка – жогоруда айтылгандай – Индияга карата башкача саясат, Пакистанга карата башкача саясат жүргүзө турган болду.

5 – Американын ушул саясатына ылайык Индия Кытайга каршы, Пакистан болсо каршылык кыймылына каршы Американын алдыңкы фронту болду... Пакистандагы адамдардын көпчүлүгүн мусулмандар түзөт. Индияда болсо адамдардын көпчүлүгүн кафир мушриктер түзөт... Ошондуктан, Америка:

а) Пакистанды каршылык кыймылына каршы согушуу үчүн ядролук куралдар менен эмес, жөнөкөй куралдар менен колдой турган болду... Ал тургай, Пакистанга берилген экономикалык жана аскерий «жардамдар» (бул жардамдар Рейган жетекчилиги доорунда көбөйдү) Пакистандын ядролук программасына чекит коюу каражаты болду. Америка мамлекеттик департаментинин коопсуздук, илим жана технология боюнча

өкүлү Жеймс Бакли кыскача мындай деди: «Пакистан ядролук программасына каршы мурунку жетекчилик киргизген оор санкциялардын ордуна, биз бул проблеманы салттуу жолдор менен чечүүнү үмүт кылып жатабыз. Биз Пакистан мамлекетинин кабатырлануусун тынчтандыруу үчүн ушундай кылып жатабыз, себеби бул мамлекет эң оболу ядролук кубатты тургузуу пикирине түшпөсүн». (Quoted in Akhtar Ali, Pakistan`s Nuclear Dilemma: Energy and Security Dimensions (Karachi: Economic Research Unit, 1984, p.10.)). Т.а. Америка салттуу каражаттар дегенде жөнөкөй экономикалык жана аскерий жардамдарды назарга алууда. Американын бул саясаты ядролук колдоо көрсөтпөө менен гана эмес, жада калса, Пакистан ядролук программасын өнүктүрбөөгө чакыруу менен да уланды. «... Америка президенти Барак Обама октябрда Пакистанды өз ядролук программасын өнүктүрбөөгө чакырды. (Рейтер: 2016-жыл, 20-май)».

Кошмо Штаттар Пакистан менен бир ядролук келишим түзүүнү жана Пакистандын ядролук материалдарды жеткирүүчү топко киришин да бир нече ирет четке какты... Америка Пакистандын бул топко киришине каршылык көрсөтүүдөн Исламабадды жергиликтүү объектилерде даярдалган плутонийден пайдаланып тактикалык ядролук куралдарды иштеп чыгарууга мажбур кылууну көздөгөн. Себеби, иштетилген плутоний көлөмүн салмак көлөмүнө салыштырганда аны ядролук аскерий бөрктөрдү күчөтүүгө ылайык кылып коёт. (3http://www.dawn.com/news/124803).

б) Бирок, Америка Индияны жөнөкөй куралдар менен да, ядролук куралдар менен да колдоп-кубаттоодо. Муну ачыктоо үчүн бул колдоп-кубаттоого тиешелүү кээ бир окуяларды карап чыгабыз:

–2004-жылы январда президент Буш жана Индия премьер-министри Важпаи стратегиялык шериктештик келишими (NSSP) түзүлгөнүн жарыялашты. Бул келишим боюнча эки мамлекет төрт тармакта: тынч максаттардагы ядролук энергия, аба мейкиндигинен тынч максаттарда пайдалануу программасы, заманбап технология соодасы жана ракета

коргонуу тармактарында кызматташтык кыла турган болду... 2005-2006-жылдарда Нью-Дели өзүнүн курал-жарактарга тиешелүү ядролук энергия программасы үчүн ядролук жанылгыга беймарал жетишиши туурасында Америкадан убада алды. Мында Индия эч кандай келишимге амал кылбай турган болду. Мисалы, ядролук сыноолорго толук тыюу салуу келишимине жана «майдаланган заттарды иштеп чыгарууну токтотуу» келишимине амал кылбай турган болду. Индиянын ракета программасына да эч кандай чектөөлөр салынбайт. 2007-жылы Индия «123» келишимине жетишти. Бул келишим Индия менен Америкага ядролук маселелер боюнча тынч кызматташуу мүмкүнчүлүгүн берет. Бул ядролук келишимдер Индияга өзүнүн ядролук программасы үчүн жергиликтүү өнөр жайда даярдалган уранды байытуу мүмкүнчүлүгүн берет. Акыйкатта болсо, бул Кошмо Штаттардын ядролук куралдын жайылышына жол бербөө келишими боюнча өз мойнуна алган милдеттенмени бузуу болуп эсептелет. Ушул келишимде «ядролук куралдарга ээ болууга уруксат берилген мамлекеттерден башка ар кандай мамлекетке ядролук курал-жаракты иштеп чыгарууга үндөгөн, же ушуга кызыктырган, же жардам берген ар кандай каражатка жол бербөө зарылдыгы» көрсөтүлгөн. (See SIPRI, The NPT: The Main Political Barrier to Nuclear Weapon Proliferation (London: Taylor and Francis, 1980), Appendix A, p.43).

–Шаркул Авсат гезити 2016-жылы 7-майда төмөндөгү кабарды таратты: «Индия премьер-министри Моди Кошмо Штаттар менен ири аскерий келишимге кол койду. Бул келишимге 14 жылдан кийин кол коюлду. Байма-бай алмашкан индус өкмөттөрү ага кол коюудан баш тартып келген. Бул келишим Кошмо Штаттар менен Индия армияларына аскерий техниканы оңдоо жана жаңылоо амалияттарын өткөрүүдө, деңизде биргеликте аскерий машыгуу өткөрүүдө эки мамлекеттин аскерий базаларынан пайдалануу укугун берет. Ушул келишим боюнча эки мамлекеттин деңиз күчтөрү суу асты кемелерине каршы согуштарда да кызматташат. Бул болсо маанилүү

аскерий жана тактикалык технология тармактарынын бири болуп эсептелет. Кошмо Штаттар бул тармакта өзүнүн салттуу союздаштары менен гана кызматташтык кылат. Кошмо Штаттар дүйнөдө эң чоң суу асты кемелеринин флотуна ээ. Кытай болсо суу асты кемелеринин флоту боюнча Индиядан үстөм турат...» . Суу асты кемелери ар кандай ядролук согушта экинчи соккуну берүү үчүн маанилүү. Себеби, аларды радар аркылуу күзөтүү мүмкүнчүлүгү жок. Индия акыркы убактарда ушул келишимде көрсөтүлгөн жеңилдиктер себептүү «Ариана» деген суу асты кемесинен баллистикалык ракетаны атуу сыноосун ийгиликтүү өткөрүүгө жетишти. Бул болсо Кытай жана Пакистандын кыжырын козгоду. Себеби, бул сыноо Индиянын экинчи соккуну жолдоодогу кубатка карай алга кадам таштаганына далалат кылат. (http://missilethreat.com/china-concerned-about-indian-submarine-missile/).

–Америка Индияны «Ядролук материалдарды жеткирүү тобуна» кошууга бир катар аракеттерди жасады. Бирок, Кытай буга каршы чыкты. Американын Индияны бул топко кошуудан көздөгөн максаты – бул топко кошулуу Индияны ядролук аскерий бөрктөр саны боюнча Кытайдан өтүп кетиши үчүн зарыл ядролук материалдар менен камсыздайт. (http://www.icanw.org/the-facts/nuclear-arsenals/).

Үчүнчү: ядролук материалдарды жеткирүүчү топтун вакиълигине келсек, ал төмөнкүдөй:

1 – Бул топ Индия 1974-жылы май айында жардыруу сыноосун өткөргөндөн кийин түзүлдү. Анын биринчи жыйыны 1975-жылы ноябрда болуп өттү. Бул топко башында жети мамлекет: Канада, Батыш Германия, Франция, Япония, Советтер Союзу, Бириккен Королдук, Кошмо Штаттар мүчө болду. 1976-1977-жылдары бул топтун мүчөлөрүнүн саны 15ке жетти. Ошондон кийин анын мүчөлөрүнүн саны көбөйүп учурда 48ди түзөт. Бирок, бул топто чыныгы таасир жана өкүмдарлык ири ядролук мамлекеттерге, өзгөчө АКШга таандык.

2 – Бул топтун максаты ядролук куралдардын жайылышын көзөмөлдөө. Бул көзөмөл ядролук куралдарды өнүктүрүүдө зарыл болгон материалдарды экспорттоо жана кайра транспортировка кылууну көзөмөлдөөнү о.э. ядролук материалдарды коргоо жана коопсуз сактоо каражаттарын жакшыртууну камтыйт. Бул топ ядролук материалдарды жана технологияларды сатып алууга укуктуу мамлекеттерди жана мындай материалдар менен иштөөгө тыюу салынган мамлекеттерди белгилеп чыгат.

3 – Бул топко кошулууда ири ядролук мамлекеттердин, өзгөчө Американын таасири өз өкүмүн өткөрөт. Бул мамлекеттер өз кызыкчылыктарына карап бул кошулууга ыраазылык берет жана аны четке кагат... Ядролук материалдарды жеткирүүчү бул топ ядролук материалдардын жайылуу проблемасын жана мамлекеттерге экспорттоло турган материалдарды көзөмөлдө кармап туруу проблемасын чечүү үчүн зарыл болгон саясаттар жыйындысын да ири ядролук мамлекеттердин, эң оболу Американын өкүмсүз түзө албайт. Бул ири мамлекеттер жана Америка экспорт кылына турган материалдарды, айрыкча, эки жактуу максаттарда иштетүүгө мүмкүн болгон материалдарды көзөмөлдөө аркылуу өз өкүмүн өткөрөт. Бул болсо ири мамлекеттердин, айрыкча, Американын кызыкчылыктарына кызмат кылат. Себеби, Америка эки жактуу максаттарда иштетилиши мүмкүн деген шылтоо менен уруксат берет же тыюу салат...

Ошондуктан, ядролук материалдарды жеткирүүчү топко кошулуу – ядролук куралды иштеп чыгарууну жана өнүктүрүүнү тездетүүгө жардам берген ядролук материалдарга жана зарыл нерселерге ээ болууну жеңилдетсе да, бирок, бул иш аң-сезимдүү түрдө болушу зарыл. Мында ушул зордукчул мамлекеттердин пландарынан сак болуу зарыл. Себеби, ошондо мамлекеттин бул топко кошулушу анын ядролук программасын өнүктүрүүгө каражат болуп берет. Ошондо бул мамлекет ушул зордукчул мамлекеттер пайдаланган кудуретсиз мамлекет болбойт.

**9-июнь, 2016-м.**

**Пакистан Коопсуздук министринин АКШ менен кызматташтыгы жана малайлыгы**

**Суроо:** ***Пакистан Башкы штаб жетекчиси Асим Мунир Америкага жасаган расмий иш сапарынын алкагында, аналитикалык борбордо сүйлөгөн сөзүндө, Пакистан Америка Кошмо Штаттары менен узак мөөнөттүү, көп тараптуу өнөктөштүк аркылуу эки тараптуу алакаларды өнүктүрүүнү каалай турганын билдирди. Мунир: "АКШга жасаган иш сапарынын алкагында саясий жана аскердик жетекчилер менен жолугушуулар абдан позитивдүү болду",- деп баса белгиледи. (Пакистан куралдуу күчтөрүнүн X баракчасы 20.12.2023) 2023-жылдын 11-декабрында Пакистан Куралдуу күчтөрүнүн медиа кызматы болгон "Кызматтар жана калк менен байланыш биримдиги" (ISPR) жасаган билдирүүдө, Башкы штаб жетекчисиалгачкы расмий иш сапары менен АКШга барганын жарыялады. Пакистандын Америка Кошмо Штаттары менен көп тараптуу кызматташтыкты өнүктүрүүсү жана министрдин америкалык саясий жана аскерий жетекчилер менен жолугушуулары позитивдүү өткөнүн айтышы эмнени билдирет? Бул Индия жана Кашмир маселесинде, Ооганстан темасында жана жөөттөрдүн баскынчылыгы каршысында Палестина калкын колдоого тоскоолдук кылуу жана эки мамлекет чечими шылтоосу менен яхудий вужудун кабыл алуу үчүн Пакистандын колонизатор Америка менен көбүрөөк союз түзүшүн билдиреби?***

Жооп: Жогорудагы суроолорго жооп берүү үчүн биз төмөнкү маселелерди карап чыгабыз:

1-Асим Мунир 2022-жылдын 24-ноябрында генерал Камар Жавед Бажванын сунушу менен Америкачыл премьер-министр Шахбаз Шарифтин макулдугу менен Башкы штаб жетекчисиболуп дайындалды. Бул Америка аны Башкы штаб жетекчисикатары көргүсү келгенин билдирет. Кудум Бажва Америка менен кызматташканы сыяктуу, ал да Америка талаптарын кабыл

ала тургандыгын көрсөтүп турат... Анын бул кызматка дайындалышы Пакистан экономикалык кризистен жапа чегип турган учурга туш келди. Ошондуктан, Сауд Арабиясынан жана Перс булуңундагы башка өлкөлөрдөн акча агымын камсыздай ала турган адам керек болду. Анткени Мунир Сауд Арабиясында кызмат өтөгөн жана аны менен жакшы мамиледе... "Байкоочулар Министрдин сапары абдан чоң мааниге ээ экендигин жана зарыл болгон каржылык жардамдын жолун ача алышына ишенүүдө…" (https://tribune.com.pk 05.01.2023).

Асим Мунир толугу менен Америкага малай аскерий режимдин мүчөсү болгон. Ал коопсуздук жана аскердик кызматтарда жогорулап, 2014-2016-жылдары кургактык күчтөрдүн Түндүк аймагынын башчысы, 2016-2018-жылдары Аскердик чалгындоо башкармалыгынын жетекчиси, 2018-2019-жылдары Башкы чалгындоо кызматынын жетекчиси болгон. Уруулар аймагында согушка катышкан. Ошондуктан, ал Америкага малай Пакистан режиминдеги түркүктөрдүн бири. Мунир 2019-жылы эч кандай себеп көрсөтүлбөстөн мурдагы премьер-министр Имран Хандын чечими менен чалгын кызматынын жетекчилигинен бошотулуп, анын ордуна Файз Хамид дайындалган. Имран Хан менен армиянын ортосунда 2022-жыл 29-ноябрда мөөнөтү аяктап бараткан Бажванын ордуна кимдин Башкы штаб жетекчиси болуп келиши маселесинде келишпестик чыкты. Имран Хандын Бажвага жакын болгон Асим Мунир менен келишпестиги бар эле. О.э. өзүнө жакын Фаиз Хамидди Ички чалгындоо кызматына жетекчи кылып дайындамакчы болду. Имран Хан армиянын таасири астында калбоо үчүн премьер-министр катары армияга басым өткөрүүгө аракет кылып жатканы көрүнүп турду. Анткени, армия өкмөттүн көзөмөлдөөчүсү сыяктуу иш алып барып, ага каалаган саясатын таңуулап турган. Бул келишпестиктен улам Имран Хан 2022-жылдын апрель айында кызматтан алынган, андан кийин ага каршы коррупция жана мамлекеттик сырды ачыкка чыгарган деген айыптар менен кылмыш иштери козголгон. 2022-жылдын 5-майындагы суроого берилген

жоопто мындай деп айтылган: (... Жогоруда айтылгандай, Имран Хан армияга жана артындагы Америкага кылган бардык кызматтары ага эч кандай пайда алып келбейт деп күткөн эмес! Колонизатор каапырлардын колдооосу аркылуу бийликке келген кимсе, алардын малайы экенин жана алар каалагандай гана кыймылдай аларын аңдабагандай. Кафирлер үчүн ал каалагандай жылдыра турган шахматтагы таш сыяктуу. Мындан да жаманы, эгер ал кожоюндарынын кызыкчылыктарын ишке ашырып бербесе ар убак тартынбастан туруп таштандыга ыргытып салышат. Имран Хан туш болгон абал дал ушунун өзү". Ошентип Америка Имран Хандын кулатылышына каршылык көрсөткөн жок жана анын өз малайы экенин билип туруп, оодарылышына үнсүз макул болду. Белгилүү болгондой, Имран Хан да Американын малайы болгон. Ошондуктан, Имран, Бажва жана Хамид 2019-жылы Кашмирди Индияга кошууга макул болушкан. Бул окуядан эки апта мурда алар Америкага иш сапары менен барып, президент Трамп менен жолугушкан. Ошондуктан, алар Индиянын Кашмирди аннексиялап алуусуна каршы эч кандай олуттуу чара көрүшкөн жок. Тескерисинче, алар Американы ыраазы кылуу жана өздөрүнүн мансабын, тар кызыкчылыктарын сактап калуу үчүн ага кыйыр түрдө макул болушту. Америка армиянын өкмөт жана калктын үстүндөгү өкүмдарлыгын колдоду. Анткени күч түзүмүндөгү лидерлер Америкага байланган жана колониялык кызыкчылыктарын аткарып берип турат. Ал эми, Пакистандагы саясий чөйрөдө Британиячыл дагы адамдар бар болуп, андыктан, Американын кызыкчылыгы толук ишке ашуусуна кепилдик жок. Саясий чөйрөдөгү малайлардын алмашуусу аркылуу бийликтин Америкага болгон малайлыгына коркунуч туулушу ыктымал.

2-Пакистан Куралдуу күчтөрүнүн медиа кызматы болгон "Кызматтар жана калк менен байланыш биримдиги" (ISPR) тарабынан арабча X баракчасы аркылуу 2023-жылдын 11-декабрында жасалган билдирүүдө, "Пакистан Башкы штаб жетекчисигенерал Асим Мунир кызматка келгенден

кийинки алгачкы расмий сапары Америка Кошмо Штаттарына жасалганы айтылды. Сапарынын алкагында ал жогорку даражалуу аскерий жана саясий адамдар менен жолугушары белгиленди. 2023-жылдын 11-декабрында Египеттин “Al-Shorouk News” сайты Пакистандын “The Express Tribune” гезитине шилтеме жасап ырасташынча, Мунирдин сапары Американын жогорку даражалуу аткаминерлери өткөн аптада Пакистанга жасаган иш сапарынын артынан уюштурулду. Ага чейин Байден администрациясынын качкындар маселелери боюнча жогорку даражалуу расмий өкүлү Исламабадга төрт күндүк сапар менен барган. Анын сапары Пакистан менен Ооганстандын ортосундагы мамилелер чыңалып жаткан учурга туш келген. АКШ Мамлекеттик катчысынын “Калк, качкындар жана миграция иштери” боюнча жардамчысы Жульетта Вэнс Нойес Пакистандын борборунда 7-декабрга чейин калды”. Бул күнү Башкы штаб жетекчиси генерал Асим Мунир өкмөттүн мыйзамсыз мигранттарды депортациялоо чечимин колдоп, качкындар Пакистандын коопсуздугуна жана экономикасына зыян тийгизерин билдирди. Айрыкча, мыйзамсыз мигранттар жергиликтүү нормаларга ылайык жана адам укуктары сакталган, ар намысына шек келтирилбеген абалда өлкөлөрүнө жөнөтүлгөнүн баса белгиледи. Бул жерде Американын качкындар маселеси менен бирге Пакистандын ички иштерине кийлигишүүсүнүн көлөмү ачык көрүнүп турат. Качкындар маселеси согуштар себептүү Пакистанга баш калкалаган жана экинчи өлкөсү катары эсептелген, ондогон жылдар бою жашап жаткан афгандарга байланыштуу маселе. Алар чет элдиктер эмес, тескерисинче, калкы мусулман болгон өлкөлөрүнүн пайдубалы бир өлкө. Америка бул эки мусулман өлкөнүн ортосундагы айырмачылыктардан пайдаланууга, аймактагы таасирин арттыруу үчүн бул айырмачылыктардан колдонууга аракет кылууда. Ошентип, Америка Пакистан менен Ооганстан ортосундагы мамилени чыңалтып, алардын биригүүсүнө тоскоолдук кылмакчы. Ушундайча, Пакистан Кашмирди Индиядан азат кылуу үчүн күрөшүүнүн ордуна

Ооганстан менен болгон бул чыңалууну басаңдатуу менен алек болмокчу. Муну менен Америка Индиянын Пакистан тараптагы чек арасында коопсуздукту камсыздамакчы. Индиядагы Моди өкмөтү болсо бүткүл күч-кубатын Кытай менен болгон жаңжалдарга багыттоо менен Америкага кызматын улантмакчы.

3-“Марефа” сайтынын 2023-жылдын 15-декабрында “Пакистан таңы” баракчасына шилтеме кылып билдиришинче, “Коопсуздук министри Асим Мунир 14-декабрь күнү АКШнын Коргоо министри Ллойд Остин менен жолугушту. Жолугушуудан кийин Пентагондо жасалган кыскача билдирүүдө: “Тараптар аймактагы акыркы коопсуздук маселелерин жана эки тараптуу коргонуу кызматташтыгынын потенциалдуу багыттарын талкуулашканы жана АКШ Штаб башчысы, генерал Браун менен жолугушту”. Аталган сайт Мунирдин 15-декабрда АКШнын мамлекеттик катчысы Блинкен, анын саясий иштер боюнча орун басары Виктория Нуланд жана Улуттук коопсуздук боюнча кеңешчинин орун басары Жонатан Феннер менен жолугушту” деп жазды. Анда, АКШнын Мамлекеттик катчысынын расмий сүйлөөчүсүнүн: “Пакистан биздин маанилүү өнөктөш жана Пакистан өкмөтүнүн ичинде ар тараптуу чөйрөлөр менен диалогдобуз... Биз аймактык коопсуздук жаатында Пакистан менен кызматташууну улантууну чыдамсыздык менен күтөбүз”, деген билдирүүсү да жарыяланды. “Пакистан таңы” Мунирдин Блинкен менен болгон жолугушуусу тууралуу дипломатиялык булакка шилтеме жасап: “Алар эки тараптуу кызматташтыкты жана аймактагы кырдаалдын бардык тарабын талкуулашты” деп жазды. АКШнын Мамлекеттик катчысынын расмий сүйлөөчүсү, Пакистан Башкы штаб жетекчиси жана Чалгындоо кызматынын башчысы менен Энтони Блинкендин жолугушуусу тууралуу суроого жооп берип жатып мындай деди: “Биз алар менен аймактык коопсуздук жана коргонуу тармагында кызматташууну чыдамсыздык менен күтүүдөбүз”... (АКШ өкмөтүнүн веб-сайты 18.12.2023).

Булардын баары Пакистан Башкы штаб жетекчисинин президент сыяктуу америкалык аскердик, коопсуздук, ал тургай саясий жетекчилер менен тынымсыз жолугушууларды өткөргөнүн көрсөтүп турат! Америка бул жолугушууларды кеңейтип, Пакистандагы иштерди жөнгө салууну каалап жатканы ыктымалдан алыс эмес. Америка Пакистандагы шайлоолор жакындап калгандыктан (2024-жылдын февраль айында), эгер жылдырылбаса эле, Пакистандагы малайлары жана саясаты ал каалагандай жүрүп жатканынан кадыржам болууну каалайт... Ошондуктан, бул жолугушууларга "кызматташтык" шөкөтү тагылса да, түпкүлүгүндө Америкага берилгендиктерин аныктоо жолугушуулары... Кызык жери, Штаб жетекчиси Асим Мунирдин динчил көрүнүүгө болгон аракеттери. А түгүл, айрымдары аны "молдо генерал", башкача айтканда, шейх деп атап алышкан! Бирок, ал Америка менен союздаш экенин, пландарына ээрчип, анын максаттарын ишке ашырып, коопсуздук жана коргонуу тармагында өнөктөштүк жана кызматташтык атын жамынып, региондогу таасирин арттыруу үчүн жол ачаарын жарыялап жатат... Исламдагы чыныгы динчилдик каапырларга эмес, Кудуреттүү Аллахка жана Анын Элчиси соллаллоху алейхи уа салламга берилгендикти талап кыларын түшүнбөгөндөй:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لَا تَتَّخِذُوا الْكَافِرِينَ أَوْلِيَاءَ مِنْ دُونِ الْمُؤْمِنِينَ أَتُرِيدُونَ أَنْ تَجْعَلُوا لِلَّهِ عَلَيْكُمْ سُلْطَاناً مُبِيناً﴾.

"Оо, ыйман келтиргендер, момундарды коюп, каапырларды дос тутпагыла, (муну кылуу менен) Аллахка өзүңөрдүн үстүңөрдөн ачык далил бергиңер келеби?" (Ниса: 144). Башкача айтканда, эгер каапырларды дос тутууну уланта берсеңер, Аллах силерди жазалашы үчүн Аллахка өзүңөрдүн үстүңөрдөн ачык далил берген болосуңар. Динчилдик чынында динди бекем кармоо менен түшүнүлөт. ﴿أَفَلَا يَعْقِلُونَ﴾. "Алар акыл жүргүзүшпөйбү?" (Юнус: 68).

4 – 2023-жылдын 19-декабрында "Пакистан үнү" сайты жазышынча, Башкы штаб жетекчиси, генерал Сайид Асим Мунир Флорида штатынын

Тампа шаарында жайгашкан АКШ Борбордук командачылыгын зыярат кылды. Ал жерде Борбордун башчысы генерал Майкл Курилла менен жолугуп, аймактык коопсуздукка байланыштуу аскерий кызматташтыкты талкуулады. “Кызматтар жана коомчулук менен байланыш” кызматынын ырасташынча, генерал Асим Мунир генерал Эрик Курилла менен эки тараптуу алакалар боюнча терең сүйлөшүүлөрдү өткөргөн. Жолугушууда эки тарап, аймактык коопсуздукка байланыштуу кызматташуудан баштап, жалпы кызыкчылыкка тиешелүү темалардын ар бири боюнча кеңири пикир алмашышты. Пакистандын Башкы штаб жетекчиси, Пакистан менен АКШ Борбордук командачылыгы арасында биргелешкен машыгууларды жана таалим үйрөтүү жолдору боюнча пикир алмашуунун зарылдыгын дагы бир жолу баса белгиледи... Сапардын жүрүшүндө пакистандык генерал АКШ Борбордук командачылыгынын Биргелешкен аракет борборуна да барды. Байден жетектеген администрация Пакистанга колдоо көрсөттү. Пакистанды “НАТОдон тышкаркы негизги өнөктөш” катары мүнөздөдү.

Ушундан улам, Америка үчүн бул сапардын канчалык маанилүү экени билинип турат. Пакистан Башкы штаб жетекчисинин Американын жогорку деңгээлдеги расмий адамдары менен жолугушуулары, талкууланган темалар, коопсуздук жана коргонуу жаатындагы кызматташтык тууралуу сөздөрү муну ырастап турат. Б.а. Пакистан Америкага каршы мусулман кыймылдары менен күрөшүндө жана аймактагы таасирин коргоодо Америка найзасынын учу болуп калмакчы. Америка Пакистан өкмөтү ичинде кызматташтык беткабы астында саясий малайлар менен гана чектелбестен, аскерий малайларга көбүрөөк маани берет. Пакистанды аймактагы саясатынын маанилүү кызматчысы катары көргөндүктөн, 2004-жылдан бери НАТОдон тышкаркы Американын негизги өнөктөшү катары жарыялап келет.

5 – Пакистандын “Кызмат жана коом менен байланыш кызматы” арабча X баракчасы аркылуу 20-декабрда Мунирдин ушул сөздөрүн жарыялады: “Генерал Асим Мунир америкалык белгилүү аналитикалык

борборлордун жана маалымат каражаттарынын өкүлдөрү менен ачык маектерге катышты. Иш чаралардын учурунда аймактык коопсуздук, эл аралык терроризм жана Түштүк Азиядагы стратегиялык туруктуулукту сактоодо Пакистандын ролун ачыктады. Пакистан геосаясий жана геоэкономикалык көз караштан алганда, маанилүү өлкө экендигин, байланыштыруучу өлкө болуп, Борбор Азияга жана андан ары жактагы өлкөлөр үчүн дарбаза катары өнүктүрүүнү каалай турганын айтты". Ал Пакистан узак мөөнөттүү, көп тармактуу өнөктөштүк аркылуу Америка Кошмо Штаттары менен эки тараптуу алакаларды кеңейтүүнү каалай турганын баса белгиледи. АКШга жасаган иш сапарынын алкагында саясий жана аскердик жетекчилик менен болгон жолугушуулары абдан позитивдүү болгонун кошумчалады. Айрыкча, Пакистандын регионалдык туруктуулукту, глобалдык тынчтыкты жана коопсуздукту камсыз кылуу үчүн ондогон жылдар бою эл аралык терроризмге каршы чеп катары турганын белгиледи.

Генерал Мунир ушуларга да токтолду: "Пакистан терроризмге каршы күрөштө теңдешсиз салымдарды кошуп, курмандыктарды берди. Пакистан калкынын максатын улай күрөштү акырына чейин улантат. Айрыкча, Кашмир маселеси Кашмир калкынын каалоосуна жана Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешинин резолюцияларына ылайык чечилиши керек. Кашмир эл аралык деңгээлде кабыл алынган талаштуу маселе. Эч бир бир тарап бир тараптуу иш-аракет менен аймактагы миллиондогон тургундардын каалоосун өзгөртө албайт. Газадагы кыргын токтотулушу, гуманитардык жардамдар камсыздалышы жана аймакта туруктуу тынчтыкка жетишүү үчүн эки мамлекет чечимин тез арада ишке ашыруу зарыл".

6 – Бул жерде Пакистан Башкы штаб жетекчиси эки тараптуу кызматташтык шылтоосу астында Америка менен өнөктөштүктү кеңейтүүнү жана АКШга болгон малайлыгы ар тараптуу жана узак мөөнөттүү болушун каалап жатканын билдирүүдө. Америка Пакистанды өзгөчө Ооганстанда, жалпысынан Ислам өлкөлөрү арасында терроризмге каршы күрөшүү

шылтоосу менен үммөттүн ичиндеги боштондук кыймылдарына каршы чепке айлантууну каалайт. Түпкүлүгүндө, Ооганстан менен Пакистан бир мамлекет болгон. Аны басып алган колонизаторлор ортолоруна чек ара сызып таштады. Алар алсыз, эч нерсеге кудуретсиз болушу үчүн жана колония кылып, байлыктарын тоноп, ташып кетүү үчүн аларды бири-бирине каршы колдонду жана эки өлкөгө бөлүп таштады.

Кашмирге келсек, генерал Мунирдин Вашингтонго сапары Индиянын Жогорку соту Кашмирдин Индия көзөмөлдөгөн бөлүгүн Индия менен биригүүсүн колдогон учуруна туш келди. “Al Jazeera Net”2023-жылдын 14-декабрында жарыялаган маалыматта, Жогорку сот Чандерчуд баш болгон 5 судья коллегиясы 12-декабрда Моди өкмөтү тарабынан сунушталган Кашмирдин өзгөчө статусун жокко чыгаруу чечимин макулдаганы жарыяланды...”. Американын макулдугу жана колдоосу болбосо Индия бул чечимди кабыл ала албайт болчу. Буга карабай, Пакистан Башкы штаб жетекчиси эч нерсе болбогондой, Американын Индияга болгон колдоосун жана Пакистанга болгон душмандыгын унуткарып же көрмөксөнгө салып, АКШга расмий сапар менен барды! Муну менен эле чектелбей, Кашмирдин оккупацияланышына жана индус текебердигине каршы турууга жардам берип аны азат кылуунун ордуна, Кашмир маселесин эл аралык маселе катары тааныды. Анын Бириккен Улуттар Уюмунун адилетсиз резолюцияларына ылайык чечилээрин айтты. Айрыкча, Кашмир маселеси исламий маселе экенин жана Индия аны басып алганын билип туруп ушундай кадамга барды. Түпкүлүгүндө, Пакистанды бутка тургузуп, Кашмирди азат кылууга жана индустардын зомбулугуна каршы күрөшүүгө жардам бериши шарт эле. Пакистан бул ишти кылууга кудурети жетип турган чакта милдеттүү болот. Кашмирдин жихаддык кыймылдары 1999-жылы Каргил тоолорунда болгон согушта, эгер премьер-министр Наваз Шариф менен Башкы штаб жетекчи Первез Мушаррафтын чыккынчылыгы болбогондо Пакистан армиясынын колдоосу менен Индиянын үстүнөн

дээрлик жеңишке жетип калган. Америка Наваз Шариф менен Первез Мушаррафтан дароо бул колдоону токтотууга буйрук берип, Пакистандын аскерлерин аймактан чыгарып кетүүнү жана Кашмирдик кыймылдарды террористтик уюм катары жарыялоону талап кылды. Ал экөө Америкага моюн сунуп, Кашмирге карата чыккынчылык кылышты.

Жөөттөрдүн Газага каршы ырайымсыз баскынчылыгы жана Пакистан Башкы штаб жетекчиси айткан эки мамлекет чечимине келсек, Палестина ыйык жер... Исламий аймак болуп, ал жерде жөөттөрдүн бийликке ээ болушу таптакыр мүмкүн эмес. Ал жерде эки мамлекет чечимине орун жок. Ал жерди Умар Аль-Фарук фатх кылып, рошид Халифалар аны коргогон. Кийин баскынчылардан Салахиддин азат кылган, Абдул Хамид аны яхудийлерден сактап калган... Ошондуктан, Палестина Ислам жери... Ал сатууга сунушталбайт жана аны калкы менен бирге басып алуучулар да, элин кууп чыгарган баскынчылар да кабыл алынбайт. Палестина маселесинин чечими эки мамлекет чечими эмес, тескерисинче, анын чыныгы чечими Улуу жана Кудуреттүү Алла Таала айткандай:

﴿وَاقْتُلُوهُمْ حَيْثُ ثَقِفْتُمُوهُمْ وَأَخْرِجُوهُمْ مِنْ حَيْثُ أَخْرَجُوكُمْ﴾

«Аларды кайсы жерден тапсаңар өлтүргүлө жана алар силерди кууп чыккан жерден кууп чыгаргыла» аяты (Бакара: 191).

7 – Проблема Пакистан жетекчилери жана аскер башчыларынын аң-сезиминде жана алардын туура эмес ой жүгүртүүсүндө. Анткени, алар Америка менен атаандаша ала турган чоң өлкө боло турган эбегейсиз потенциалга ээ болгонуна карабастан, өздөрүн Америка үчүн унаа кылып алышкан. Алар өздөрүнүн маселелерин жана көйгөйлөрүн Аллахтын Элчиси соллаллоху алейхи уа саллам, кудуреттүү Аллахтан вахий катары алып келген диний түшүнүктөр жана чечимдерге ылайык чече алышмак. Ислам арабдарды Исламга чейинки өз ара согуштан куткарып, аларды Ислам аркылуу адамзат үчүн жаратылган эң жакшы үммөт кылды... Бул үммөт ошол кездеги чоң мамлекет болгон Персияны фатх кылып, Перс мамлекетин жок

кылды... Ошол кездеги эң ири империя болгон римдиктердин борбору Константинополду фатх кылды... Ислам жана мусулмандар ааламды адилеттүүлүк менен жарык кылып Ислам мамлекети даңазаланып, акыйкат орноп, батыл жок болду. Чындыгында, батыл жок болуучу... Мына Хизб-ут-Тахрир силерден Аллах Таала убада кылгандай, Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык мамлекетти тикелөө аркылуу ушундай улуулукка жетүүгө жардам бергиле деп - нусрат сурап жатат.

﴿وَعَدَ اللهُ الَّذِينَ آمَنُوا مِنْكُمْ وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُمْ فِي الْأَرْضِ كَمَا اسْتَخْلَفَ الَّذِينَ مِنْ قَبْلِهِمْ﴾

**«Аллах силердин араңардан ыйман келтирип, салих амалдарды кылгандарга, алардан мурункуларды халифа кылып койгон сыяктуу, аларды жер жүзүндө халифа кылууну убада кылды».** (Нур: 55).

وبشر به رسوله ﷺ «ثُمَّ تَكُونُ مُلْكاً جَبْرِيَّةً فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ ثُمَّ سَكَتَ» أخرجه أحمد.

Пайгамбар соллаллоху алейхи уа саллам, бул тууралуу хушкабар берген: “Андан кийин залим падышалык болот, ал Аллах каалаганча болот, анан аны көтөргүсү келсе аны көтөрөт. ...Кийин Пайгамбарлык жолундагы халифалык болот. Кийин унчукпай калды.” Ахмад риваят кылган.

**Хижраттын 1445-ж. Жумадул-ахира айынын жыйырма биринчи күнү.**

**2024-жыл, 3-январь.**

## Палестина маселеси тууралуу берилген суроолорго жооптор

**Суроо**: *Шарон жана Израилдеги башка жооптуулар, айрыкча, Куддус айланасындагы турак жайларды кеңейтүү жана Зоффага кошуу жөнүндө баянат берип жатат. Махмуд Аббас болсо, мындан кайтаруу үчүн Американы жөөттөргө басым өткөзүүгө чакырып жатат. Ошондон кийин айрым Америкалык чиновниктер турак жайларды кеңейтүү «Жол картасы»на туура келбейт деп жатышат. Буш Папанын таазиясында Шарон менен турак жайлар маселесинде «Жол картасы»на баш ийиши тууралуу сүйлөшөрүн айтып баянат бергенин унутпагандыр. Ко-ош,*

*Америка чындап эле турак жайлардын кеңейишин токтотуу үчүн жөөт мамлекетине басым өткөзөбү?*

**Жооп:** Шарондун турак жайларды кеңейтүү жөнүндөгү билдирүүсү олуттуу, ал бар күчү менен ушуга аракет кылып жатат жана бул сөз анын оозунан түшпөй жатат. Анын акыркы билдирүүсү 2005-жылы 4-апрелде тышкы иштер министри жана коопсуздук комитети мүчөлөрү алдында болуп, анда Израилдин «Маолиз Адимум» турак жайын Куддустун бир бөлүгү катары кошуп алып, географиялык байланууну кепилдөөгө катуу турушун кайрадан баса белгилеген эле. Мындан тышкары, «Рейтер» агенттиги 21-мартта министрликтер башчылыгындагы аты маалым болбогон Израил чиновниги тилинен ушундай кабар берет: «Биз Куддустун чыгышындагы Маолих Адумимде, түштүгүндөгү Гуш Ациюнда, Зоффа түндүгүндөгү Аръилде курулушту улантабыз. Себеби, булар Израил жерлери болуп, эч качан өкмөткө (т.а. Палестинага) өтпөйт». Ал: «Алар өз-өзүнчө эле курулуп калган турак жайлар эмес, толук мыйзамдуулукка ээ болгон турак жайлар» деген сөздү да кошуп койду. Белгилүү болгондой, Шарон Газадан чыгып кетүүнү сунуш кылганда, Зоффа турак жайларын, айрыкча, Куддустун тегерегин кошуп алууну көздөгөн эле. Бул ишти өткөн жылы Буш менен учурашкан учурда талкуулап, ага өз планын көрсөткөн эле. Буш ыраазы болуп, ага ошол ишти убада да кылган эле жана бул иш кийинчерээк «Буш убадасы» деп аталды. Анын тафсилаты төмөнкүчө:

1. Ар кандай тыянактоочу чечимде калктын вокыйын этибарга алуу, аныгыраак кылып айтканда, келечекте ар кандай чечимде жөөт турак жайларынын өз абалында калышы жана жөөт мамлекетине кошулушу, эмигранттардын Палестина-48ге кайтпоосу, Палестинанын жөөт мамлекети болуп калышы көздө тутулган. Мунун мааниси, эмигранттардын Палестина-48ге кайтпашынын өзүн эле эмес, 1948-жылы Палестинада калган палестиналыктардын маселесин чечүүнү келерки баскычтарга байлоо.

2. Буш жана анын мекемесиндеги жооптуулардын турак жайлар жөнүндөгү билдирүүлөрүнө келсек, алар Америка тарабынан эч кандай кескин каршылыкты билдирбей турган мазмундагы сөздөр болушу менен бирге, өкмөт жана араб акимдерин шылдың кылуу үчүн кылынган жалпы мамилелер билдирүүлөрү болушунан нарыга өтпөйт. Алар муну жакшы билишет.

Мисалы, Американын мамлекеттик катчысы Райс 2005-жылы 1-апрелде «Вашингтон пост» гезитине ушундай билдирүү берди: «Өкмөт турак жайлаштырууну тоңдуруу тууралсындагы иштерди жылдыруу үчүн колдонулушу керек болгон пландар айланасында сүйлөшүүлөр алып барды. Бул маселе чие бойдон калып жатат. Бир да күн анык токтомго келе алганыбыз жок». О.э. Райс Буштун өткөн жылкы позициясын кубаттап тыянактоочу чечим сүйлөшүүлөрүндө азыркы учурдагы турак жайларды этибарга алуу керектигине басым жасап өттү.

Американын Тел-Авивдеги элчиси 2005-жылы 25-мартта билдирүү жасап: «Кошмо штаттардын ар кандай тыянактоочу чечимде Израилдин Зоффадагы ири турак жай лагерлерин кошуп алуу жөнүндөгү талабын колдоп-кубатташы керектигин» баса белгиледи. Муну менен өткөн жылкы «Буш убадасы» деп аталган келишүүлөрдү өзгөртүүнү четке какты. Белгилүү болгондой, Буш өткөн жылы Израил акыркы чегараларды палестиналыктар менен келишилген абалда жөөттөрдүн басып алынган жерлердеги демографиялык абалын этибарга алган абалда белгилениши керектигине чакырган эле. Мунун мааниси, жалпы саны 240 миң жаран жашай турган батыш Зоффадагы негизги турак жайларды сактап калуу.

3. Махмуд Аббастын Бушту жөөттөргө басым өткөзүүгө чакырышы жергиликтүү бир «эрдик» болуп, анын Буш үчүн да, Шарон үчүн да бир тыйынчалык мааниси жок. Анткени, өзүн кордоп, үммөткө кыянат кылып, башкаларга таазим кыла турган нусканы эч ким, ал тургай, андан пайдаланып жаткандар да урматтабайт. Ал жөөттөргө бардык нерсени берип бүттү.

Жөөттөр коопсуздугун коргоого жана аларга каршы туруучулардан куралдарын тартып алууга келишим түздү. Бу да жетпегендей, «жөөттөрдүн азарланышына» боору ооруп, чыгуулар кылды. Али деле жөөттөрдүн тынчын буза турган ар кандай ишке чек коюу үчүн жөөттөр өкүлү катары күрөшүп келе жатат.

Анын Палестинадагы жөөт (мамлекетин) тан алуучулардын алдыңкыларынын бири экендигин, Осло планын түзгөндөр ичинде бар экендигин, жөөт саясатчылары менен кайра-кайра жолугушуулар өткөзүп, шектүү келишимдер түзгөнүн айтпай эле коёлу. Анткени, бул иштер Махмуд Аббас жана ага окшогондордун каны-жанына сиңип кеткендиктен, алар бул иштерден уялбай турган болуп калышкан.

Зоффадагы бир да шаардын үстүнөн толук өкүмдарлыкты колго албай туруп жөөт коопсуздугун коргоону өзүнүн эң биринчи даражалуу иши деп билген мындай адамдын чакырык-кайрылууларына Буш да, жөөттөр да эч кандай этибар бербеши табигый.

Ал жөөттөр жетише албаган ийгиликке жетишти. Палестина уюмдарын жөөттөр менен согушпоого мажбурлай алды. Палестина азаттыгы уюмуна тиешелүү уюмдарды гана айтып жатканыбыз жок. Анткени, алар жөөттөр менен согушпашы өз-өзүнөн маалым. Израил (мамлекетин) тан ала турган уюмдун аны менен согуш кылбашы анык. Бирок, Абу Мозан Ослону тан албай турган, «азаттык уюму»на караштуу болбогон Хамас, Жихад сыяктуу уюмдарды да, кийинчерээк өзү кандайдыр бир мөөнөт менен чектелбеген, бардыгы үчүн ачык деп баа берген «тынчтануу» аттуу планына мажбурлай алды.

Палестина – ыйык Ислам жери. Анын чечими ар бир карыш жерин жөөттөрдөн тазалап, биротоло Ислам диярына кайтаруу. Бүгүнкү күндө жөөт (мамлекетин) жок кылып, Палестинаны толук бойдон Ислам диярына кайтаруу мүмкүнчүлүгү жок болгон соң, аны фатх кылган Умарлар, кресттүүлөр ыпластыгынан тазалаган Салахиддиндер, көздүн карегиндей

асыраган Абдулхамиддер жетишип чыгып, аны жөөттөрдөн азат кылганга чейин, эң кеминде бул (мамлекет) тан алынбай турушу керек.

Эл аралык абалдарды, жергиликтүү жана регионалдык мүмкүнчүлүктөрдү шылтоо кылып жөөт вужудунун тан алынышын актоо Аллага, Пайгамбарына жана момундарга кыянат болуп саналат.

## Буштун Палестина саясаты тууралуу

**Суроо:** *Буш 2005-жылы 20-октябрда Вашингтондо Махмуд Аббас менен өткөзүлгөн басма сөз конференциясында Жакынкы Чыгыштагы тынчтык процесси өзүнүн президенттик доорунда ишке ашышы күтүлбөөсү жөнүндө билдирүү жасады. Бул билдирүү Махмуд Аббастын беш ай ичинде Бушка жолугуу үчүн кылган экинчи визити учурунда болуп өттү. Мурдараак, ал өзүнүн экинчи президенттик доорунда тынчтык процессинин ишке ашышы жөнүндөгү сөзүн көп кайталар эле. Мисалы, 2004-жылы 4-декабрда жасаган билдирүү сыяктуу. Коош, бул иш (Жакынкы Чыгыш проблемасы) Америка администрациясынын этибарынан четте калып, өзү түшүп калган Ирак баткагы анын негизги ишине айланып калдыбы? Жөөттөрдүн турак жай курууларын токтотуу, бийликти топторго бөлүп таштоо, дубал жана качкындар…жөнүндөгү Буш берген билдирүүлөрдүн таасир күчү кеттиби?*

**Жооп:** Буштун Иракка кылган жырткычтарча кол салуусу жана кылмыштарынын чектен чыгып кетиши региондо кескиндүү түрдө өч алуу пикирин ойготту. Америка менен малай акимдер оор абалда калышты. Америка мусулмандарды дагы да көбүрөөк өлтүрүүнү күчөткөндөн күчөтүп бара жатат. Мына бул акимдер болсо, Америкага дагы эле ийилүүлөөрүн токтотпой келишүүдө. Ошондуктан, Буш өз этибарын Палестина маселесине караткандай көрсөтүп, палестиналыктарга (Израилдин) жанынан бир мамлекет куруп бермекчилиги жөнүндө билдирүү жасады. Анын 2004-жылы 4-декабрдагы билдирүүсү ушул жөнүндө эле. Дал ушул убакытта Буш бул

мамлекеттердин башка мамлекеттердей сыпаттарга ээ болгон толук суверен мамлекет болушу жөнүндө эч нерсе деген жок. Бийлик буга кубанып, бул региондогу акимдердин, айрыкча Египет акиминин негизги кеп-сөзүнө айланып калды. Бирок, Буш жана анын кеңсеси администрациясынын региондун Америкага каршы өч алуусун жеңилдетүү үчүн берген билдирүүлөрү – жамаатчылык алакаларынан нарыга өткөн жок. Ушул этибар менен, Буш бийликке мамлекет тикелеп берүү үчүн жөөттөргө басым өткөзмөкчү болуп жатат. Бул мамлекет кандай болушунун болсо эч кандай мааниси жок!

Башынан эле ачык көрүнүп турат, Американын региондогу олуттуу аракеттери Ирактагы аскердик иш-чаралар проблемасына каратылган. Анын кошуунунда жоготуулардын саны көбөйүп бара жатат. Бул бир тараптан. Экинчи тараптан, жөөткө карата Палестинадагы абалдарды жумшатуу лазым. Ушуну менен жөөт мамлекети тынч жана күчтүү абалында калсын. Бул нерсе жөөт мамлекетинин неоконсерваторлук карашына туура келет. Ошондуктан да, Америка администрациясы өзүнүн Ирактагы кылмыштары, жөөттүн болсо Палестинадагы кылмыштарын өзүн коргоо жана «терроризмге каршы күрөш» деп өзүн актап кайра-кайра билдирүүлөр берүүдө.

Буш администрациясынын (неоконсерваторлордун) Палестинадагы азырга чейин болгон жана эми боло турган бардык аракеттери ушундан нарыга өтө албайт. Алар Шармуш-Шейх сүйлөшүүлөрү болобу, чыгып кетүү маселеси болобу, дубал же турак жай куруу жөнүндөгү билдирүүлөр болобу, айырмасы жок. Баары регион калкына карата коомчулуктун мамилелери болсо, башка жактан жөөт мамлекети коопсуздугу үчүн олуттуу аракет.

Ошентип, Буштун «тынчтык процесси» өзүнүн президенттик доорунда аягына жетиши күтүлбөйт деп берген билдирүүсүн – жарыя кылабы, кылбайбы – иштердин ушундай болушу анык эле. Палестинадагы иштер ушуну көрсөтүп турат. Анткени, жөөт мамлекети Газа жана Батыш кыргакты жерден да, абадан да, деңизден да курчап алып жатат. Бул иште адам өлтүрүү

жана куугунтуктоо ыкмаларын колдонуп жатат. Газадан чыгып кетишти, бир аз өткөндөн кийин ага кайрадан бастырып келишти, Жанин жана Тулкармды Палестина бийлигине тапшырышты, кийин болсо токтоосуз дагы ага бастырып киришип жатат.

Жөөт негизги этибарын кордоого қаратат. Бийлик макул болуп багынган сайын анын үстүнө чыгып тепкилей берет. Кече эле бийликтин премьер министри Кураий жөөт аны 2005-жыл 23-октябрда Рамалла жакынындагы постто токтотуп, 45 мүнөт кармап турганынан даттанган эле. Жөөттөр Палестина бийлиги алардын алдына жөрмөлөп эмес, балким, сүйрөлүп келишин каалашат.

Мындан тышкары, алар Газага ал тургай, Египет тарабындагы (Рафах жолуна) карата да кысым көрсөтүп, анын ачылышына уруксат берүү үчүн аны кеңири укуктарга ээ болгон үчүнчү күч (Европа) корукташын, кирген-чыкканды сүрөткө алып, эң биринчи (Израилге) жиберишин, жөөт тизмелеринде турган калкка гана андан өтүүгө уруксат кылынышын, бул тизмеде болбогондор жана товарлар болсо, жөөт менен Египет ортосундагы (Кайрам Шайлум) коридорунан өтүүлөрү лазымдыгын шарт кылышат. Мындан да беш беттер кордоочу шарттары да бар, аларды Палестина айланасындагы, ал тургай, узактагы, Булуң жана башка жайлардагы малай араб акимдерине да коюшат.

Булардын баары көрүнүп турган иштер. Баарына белгилүү болгондой, бийлик да бир канча сүйлөшүү алып барбасын, ар канча тиленип жалбарбасын, жөөт мамлекети ага суверенитеттин сары чакасын да бербейт.

Эми Буш билдирүүлөрүнүн таасир күчүнө келсек, ал Палестина бийлиги жана араб акимдерине карата баягыдай турат, алар аны аткарып жатышат же аткарууга аракет кылып жатышат. Мисалы, Буш алардан Палестинада терроризмге каршы күрөштү талап кылган эле. Акимдер жана бийлик болсо, байма-бай Газа, Батыш аскердик кыргак, Эгипет жана Иорданияда топтолушуп, кандай кылып болбосун жөөт коопсуздугун сактоо чараларын

көрүшүүдө жана бул иштерди «тынчтыкты сактоо» деп аташууда. Жөөттөр болсо алардын бул жыйындарын тоготпостон, каалаганча зордукчулук менен баскынчылык кылышууда.

Буш билдирүүлөрүнүн жөөткө карата таасир күчүнө келсек, аларга кайсы жактандыгына карап жандашылууда. Жөөт кайсы билдирүүлөрдү Палестина бийлиги менен болгон коомчулук мамилелери катарына киргизсе, аларды тоготпой да жатат, аларды аткарбай да жатат. Бул иш Буш администрациясы менен келишилип ишке ашырылып жатат. Кайсы бир билдирүүгө Америка этибар берип жаткан болсо, ага амал кылып жатат.

Мисалы, Буш 2005-жылы 20-октябрда болуп өткөн Махмуд Аббастын Вашингтонго кылган сапары учурунда басма сөз конференциясында мындай билдирүү жасады: «Жөөт мамлекети өзүнүн турак жай куруу ишин токтотушу керек». Мунун үстүнө президент: «Жөөт мамлекети тынчтык процессине тоскоолдук кыла турган жана палестиналыктарды дагы да кыйнай турган ар кандай иштери үчүн жоопкерчиликке тартылат (?)» деген сөздү да айтты. Жөөт мамлекети бул билдирүүнүн амалий эмес, жөн эле бийлик үстүнөн күлүү үчүн айтылган формалдуулук экендигин билип, аны аткарбай коё калды.

Буш 2004-жылы 14-апрелде массалык маалымат каражаттары алдында Шарон менен бирге туруп сүйлөгөн сөздүн мазмуну төмөнкүчө:

«Ар кандай жыйынтыктоочу чечимде ошол жерде жашап жаткан калкты этибарга алуу, т.а. Батыш жээктеги турак жайларды өз абалында калтыруу (ойлонбостон курулганы мындан сырткары!) Жана аларды жөөт мамлекетине кошуу, о.э. Израил мамлекети болуп калышы үчүн 1948-жылкы качкындарды Палестинага кайтарбоо». Кийинчерээк бул сөз Буштун убадасы деп аталды. Ал олуттуу болгону үчүн жөөттөр аны аткарышты.

Буш администрациясындагы башка жооптуулардын билдирүүлөры да мына ушул мааниде. Мисалы, Тел-Авивдеги Америка элчисинин 2005-жылы 25-мартта берген Батыш жээктеги ири турак жай лагерлердин биригишине

Американын кошулушу жөнүндөгү билдирүүсү, мамлекет катчысы Райстын 2005-жылдын 1-апрелиндеги Буштун өткөн жылкы убадасын эстетип, жыйынтыктоочу чечим сүйлөшүүлөрүндө азыркы учурдагы Батыш жээк турак жайларын этибарга алуу лазымдыгына ишара кылуучу билдирүүсү ушулар катарына кирет.

Дубал маселесине келсек, Буш бул ишти улантуулары үчүн жөөттөргө кеңдик жаратып берген жана өз сөзүндө бул саясий дубал эмес, коопсуздук дубалы деген эле!

Ушуга караганда, жөөттөр Буштун олуттуу билдирүүсүн аткарышат, жөн эле формалдуулук үчүн берген билдирүүлөрүн болсо аткарышпайт. Эмне болгондо да, Американын олуттуу буйругун аткарбоого алардын кудурети жетпейт. Анткени, алар Алланын арканын кармоону жоготушкандан бери өздөрүнө таандык деңгээлин жоготушкан. Алар болгону кайсыдыр махлуктардын «аркан»дарына асылып гана өздөрүнүн бар экендигин билдире алышат. Мисалы:

Америка (Израилге) F-35 тибиндеги Американын жаңы самолёту долбоорунда катышууга тыюу салды. Ар кандай келишим Америка администрациясынын ыраазылыгы менен болушу сыяктуу Америка администрациясынын шарттары толук болгондо гана (Израил) ага катышышы мүмкүн. Мына ушул шарттарга туура келбегени себептүү, Америка басым өткөзүп, (Израилди) Венесуэла менен болгон курал келишимин муздатып коюуга мажбур кылды. (Израил) 2000-жылы өтө заманбап Авакс радары менен жабдууланган самолёттор келишимин бекер кылганы үчүн Кытайга 350 миллион доллар компенсация төлөгөн эле. Анткени, Америка бул келишимди четке каккан эле.

Экинчи булуң согушунда Америка жөөткө Ирак ракеталарына жооп кайтарбоону буюрду. Жөөт бул буйрукка моюн сунду. Кыскасы, Америка тарабынан жөөткө олуутту басым өткөзүлсө, анын моюн сунбай ылажысы жок.

Палестина проблемасын Буш да, анын малайлары болгон акимдер менен бийлик да, жөөт менен сүйлөшүү алып бара турган кыянатчылар да чече албайт. Палестинаны Алла жолунда согуш кыла турган, Кудай үчүн боло турган иште жаман атты кылуучунун жаман атты кылышынан коркпой турган кошуунду башкаруучу калыс мамлекет гана куткара алат. Мына ошондо баскынчы жөөт вужуду жок болуп, бүткүл Палестина толук бойдон, Ислам диярына кошулат. Алланын уруксаты менен ушундай болушу турган иш.

### Палестина-«израил» согуштарынын токтотулушу тууралуу

**Суроо:**

*Акыркы кездерде Палестина-(Израил), Сирия-(Израил) согуштарынын токтотулушу тууралуу ар кыл сөздөр чыгып, Газадан бир тараптуу чыгып кетүү жөнүндөгү сөзгө сиңип кетти. Бул сөздөр Египет жана (Израил)деги чечим үчүн түзүлгөн жана алиге чейин парда артынан кылдат үйрөнүлүп жаткан пландар жаатындагы жарым расмий жана басма сөзгө тиешелүү кептер менен кагылышып калды.*

*Ушул сөздөр кысман (кандайдыр бир деңгээлде) болсо да туурабы? Таасир күчүнө ээ тараптардын Египет менен (Израил) ортосунда түзүлгөн Кемп Дэвид жана Иордания менен (Израил) ортосунда түзүлгөн Вадий Араба келишимдери сыяктуу сүйлөшүүлөргө киришүүлөрү олуттуубу? Кысман туура болгон күндө да бирер натыйжага алып барабы же алар да мурункуларына окшоп өзүнөн-өзү жоголуп, дагы өзүнөн-өзү өчүп кете турган сөздөрбү?*

**Жооп:**

Буштун экинчи президенттик доорунда Палестина жана Сириянын (Израил) менен болгон проблемаларын чечүүчү сүйлөшүүлөргө киришүү жаатында олуттуу аракет кылып жатканынын ыктымалы бар.

Төмөндөгү көрсөткүчтөр ушуну көрсөтүп жатат:

Биринчи: Жакынкы Чыгыш проблемасына карата Американын багыты Сирия менен алып барыла турган сүйлөшүүлөр чечилбей туруп, Палестинанын жөөт вужуду менен алып барыла турган сүйлөшүүлөрү чечилбей тургандыгына каратылган эле. Ушуга ылайык, Клинтон Палестинанын жөөт менен боло турган проблемаларын сүйлөшүүлөр аркылуу чечүүгө олуттуу киришип, оболу Сирия-(Израил) тараптарын бир жайга топтоду. Сүйлөшүү алып баруучу Палестина жана Сирия тараптары жөөт вужудун – 1967-жылдан кийин басып алынган жерлерден чыгып кетүү шартына ылайык – 1967-жылдан мурунку Палестинада тан алууга о.э. анын коопсуздугун камсыздап, аймактык бүтүндүгүн сактоого, аны менен мамилелерди толук нормалдуу абалга келтирүүгө даяр экенин билдиришти. Бирок, (Израил)деги коомчулук пикири о.э. жөөттөрдүн этибарлуу саясатчыларынын көпчүлүгү – 1948-жылкы Палестинага ээликтери тан алынышынын жана алар менен боло турган мамиленин толук нормалдуу абалга коюлушунун акысына – 1967-жылы басып алынган жерлерден чыгып кетүү пикирин четке кагышты. Алар 1948-жылкы Палестинага болгон ээликтеринин да, 1967-жылы басып алынган Палестинадагы жана Жолон дөңсөөсүндөгү жайлардын да өздөрүнүкү болушун каалашууда. Ал эми, Палестина жана Сирия тараптарына келсек, Арафат менен Хофиз Асад, 1948-жылкы Палестинаны кечип жиберүү пикирин, бардык күч жана зордук-зомбулукту ишке салуу аркылуу палестиналыктар менен сириялыктарды мажбурлап кабыл алдырууга көнүшкөн эле.

Ушуга карай, сөйлөшүүлөр натыйжа бербестен токтоп калды.

Экинчи: Клинтондун доору бүтүп, бийлик башына Буштун келиши менен 11-сентябрь окуялары жүз берип, Буштун биринчи маселеси Афганистан менен Иракка каршы жырткычтарча чабуул уюштуруу болуп калды. Ошондуктан, Буш тарабынан Жакынкы Чыгыш проблемасын чечүү боюнча бир олуттуу иш күзөтүлбөдү. Өкүлдөрдүн каттоолору да жалаң гана Буштун Афганистан менен Ирактагы кылмыштуу аракеттерин жайпап

көрсөтүү боюнча жалпы мамилелерге байланыштуу болду. Ал тургай, Буштун өзү жарыя кылган Чоң Жакынкы Чыгыш долбоорунун аткарылышына да биринчи президенттик доорунда олутуу киришүү көздө тутулбаган эле.

Үчүнчү: Буштун экинчи президенттик мөөнөтүндө төмөндөгү нерселер жүз берди:

1. Махмуд Аббас башчылыгындагы жаңы Палестина жетекчилиги вужудга келди. Ал киши интифаданын аскерийлешүүсүнө каршы экендиги менен таанымал эле. Ушу бүгүн, 2004-жылы 15-декабрда берген билдирүүсүндө, ал Палестина калкынан куралдуу интифаданы токтотууну талап кылды. Анын бул ишине Буш ыраазычылык билдирди. Анын Палестина администрациясындагы иштерине Америка, жөөт, албетте, табийгый түрдө, Европа да ыраазы болууда. Анткени, «Жөөт элинин азап-укубатына чек коёмун!» деген билдирүү ээсинин 1948-жылкы Палестинадан да көбүрөөк нерселерди кечип жиберүүгө даяр экендигине эч күмөн жок.

Төртүнчү: Терре Род Ларсендин (ноябрь айында) Дамаскта Асад жана Фарук Шараъа (Сирия тышкы иштер министри) менен баарлашкандан кийинки өткөзгөн маалымат конференциясындагы билдирүүсү. Анын сөзүнө караганда, ага Сирия президенти «Израилдиктерге кол сунууга жана мурун коюлган шарттарды койбогон абалда сүйлөшүү столуна барууга даяр» экенин айткан.

Мубарактын Асад менен болгон Шармуш-Шайхтагы эки саатка созулган жолугушуусунан кийин, Египет президентинин атынан сүйлөөчү Мажид Абдулфаттахтын берген билдирүүсү көңүл буруугa арзырлык. Анын айтымына караганда, Сирия мурун коюлган шарттарды койбогон абалда (Израил) менен сүйлөшүүлөрдү баштоого даяр экенин билдирген о.э. ал «Сирия Рабиндин берген убадасын кармап туруп албайт» деген.

Булар Сириянын азыркы жетекчилиги сүйлөшүүлөргө карата жаңы багыт жолдомокчу экендигин көрсөтөт. Негизи, Сирия мурун жөөт менен

алып барыла турган сүйлөшүүнү нөлдөн эмес, келип токтогон чекиттен баштоого катуу турар эле, Шарон болсо муну четке кагар эле.

Сирия президентинин сүйлөшүүнү нөлдөн баштоого ыраазы болушу, түпкүлүгүндө, анын Жолондун алда канча бөлүгүнөн кечип жиберүүгө даяр экенин билдирет. Бул акыйкатты бекитип, маалымат министринин: «Мурун коюлган шарттарды койбогон абалда сүйлөшүү өткөрүүгө ыраазы болушубуз бул нөлдөн башталат дегени эмес. Себеби, биз сүйлөшүүлөрдү келип калган чекитинен алып барабыз деп эсептейбиз, бул болсо мурун коюлган шарттар эмес, тескерисинче, нерселердин табийгый агымы өзү ушундай болот», - деген сөз оюну эч нерсени өзгөртпөйт.

Сирия бул ишке алдын ала шарт даярдап койгон эле т.а. коалицион партиялардын атынан жана өз коргоосу астындагы «Улуттук өнүгүү фронту»нун атынан – фронттун уставында келтирилген «Сионисттик мамлекет менен келишим да түзүлбөйт, сүйлөшүү да жүргүзүлбөйт» деген беренени – бекер кылуучу токтом чыгарган эле.

Сионист вужуддун башчысы Сирия президентинин сунулган колун кысып, куттуктап, «муну кабыл албай коюшубуз мүмкүн эмес» деди. (Израил) разведкасы делегациясынын башчысы Аарон Зееви да: «1-декабрда «Дамасктан чыгып жаткан кеп жана ишараларга көз жумбаш керек», - деди. Кала берсе, Шарон: «Мен Сирия менен сүйлөшүүлөр алып барууга даярмын, бирок, бир катар шарттарым бар(!)», - деди. Т.а. Сирия шарттардан кечкен болсо, эми жөөт мамлекети бир катар шарттарды коёт. Ушуга карабастан, бул нерсе арабтар менен сүйлөшүү алып баруудагы жөөттөрдүн адатына ылайык, Шарон Сирияны алдаганды таштаганын билдирбейт.

Бешинчи: Америка президенти Буштун Мушарраф менен баарлашкандан кийин, 4-декабрда өткөзгөн маалымат жыйынында «(Израил) менен тынч-таттуу жашоо максатында Палестина мамлекетин тикелөө - экинчи президенттик мөөнөтүмдө администрациянын биринчи иштеринин арасынан орун алат» деп берген билдирүүсү болду.

Ошондой эле, Американын жаңы администрациясында мамлекеттик катчы болуп дайындалган Кандализа Райстын мына бул сөзү келтирилген: «Америка администрациясы Жакынкы Чыгыш регионуна аралашуу даражасын көтөрүп, тынчтык процессине жана келерки айдын тогузунчу күнүндө өткөрүлүшү белгиленген Палестина шайлоолоруна көңүлүн бурду».

Кала берсе, «Нью Йорк таймс» 2004-жылы 2-декабрдагы санында, чоң Буштун доорунда Американын мамлекеттик катчысы болуп иштеген Жеймс Бейкердин азыркы президентти Жакынкы Чыгыштагы тынчтык жараянына дагы да көбүрөөк аралашууга чакырып жолдогон катын басып чыкты.

Бул көрсөткүчтөр Американын Палестина, Сирия жана (Израил) тараптарын чечүүчү сүйлөшүүлөргө топтоо үчүн олуттуу киришкенине о.э. Палестина жана Сирия багытындагы сүйлөшүүлөр, Америка сүйлөшүү алып баруучуларга сызып берген күн тартибине ылайык, бири-бири менен бирге же жакын болушу керектигине далалат кылат.

Бул орунда Европа союзунун, айрыкча, Британия менен Франциянын позициясын айтып өтпөдүк. Себеби, Европа тарабы бул сүйлөшүүлөргө тоскоолдук кылбайт. Анын үстүнө, алар Америка ыраазы боло электе сүйлөшүү жараянын кыймылга келтире албайт. Дагы, алар Америка сунуш кылып жаткан долбоорлорду тезинен өздөштүрүп, кийин ошол долбоорлордон келип чыгып өз кызыкчылыктарын жүзөгө ашырууга жалгыз же биргелешип умтулат. Жол картасында да, мажбурияттан азат кылуу планында да ушундай абал жүз берген эле.

Болочок чечим болсо жарыяланды, алардан төмөнкүлөрдү көрсөтүп өтүү жетиштүү:

а. Батыш жээк менен Газа секторуна карата:

▪Жол картасы, ал аткарылган күндө да, Палестина өкмөтүнө Батыш жээк менен Газа секторунун 42%ин гана берет. Ал болсо, толук суверенитетке ээ болбогон, жарым куралсыздандырылган мамлекет болот.

▪О.э. Газа сектору менен Батыш жээктин ага тие турган бөлүгү 25%ке кыскарышы да мүмкүн.

▪Акыры келип, Буш аны да өткөн апрелде, Шаронго жиберген ыйгарым укуктар көрсөтүлгөн сөзүндө чектеп койду:

1. Жөөт мамлекетинин жөөттүк көрүнүшүн сактап калуу максатында, палестиналык качкындарды кайтып келүү укугунан айыруу;

2. Батыш жээктеги негизги жөөт турак жайларынын жөөт мамлекетинин колунда турушу;

3. 1967-жылкы аймактарга, анын ичинде Куддуска да кайтпастан, кырдаалга карай иш тутуу.

Америка «бул негиздер жол картасына да, 242-номерлүү токтомго окшогон эл аралык токтомдорго да тескери келбейт, себеби, англиялыктардын текстинде да 1967-жылы басып алынган жерлердин кайтарылышы эмес, бүтүндөй жердин кайтарылышы көрсөтүп өтүлгөн» деп дааба кылды.

б. Жолонго карата болсо:

▪Сирия президентинин мурунку шарттарды койбогон абалда т.а. мурунку сүйлөшүүлөр келип токтогон чекитке кайтпастан сүйлөшүүлөр баштоого ыраазымын деши Сирия Жолондун бир бөлүгүн (Изрил)дин башкаруусу астында калтырууга даяр экенин билдирет.

Американын пландары мына ушундай, Сириянын да, Палестинанын да бул жетекчилеринин 1967-жылы басып алынган жерлердин айрымдарынан кечип кетүүгө ыраазы болуулары таң калычтуу эмес. 1948-жылкы Палестинадан кечип, ошол жердеги жөөт вужудун таанууга даярданып тан алышкан соң, мындай кимселерден 1967-жылы басып алынган жайларды аста-секин кечип жиберүүнү күтсө болот. Бир жолу кечип жиберген кимсе дагы-дагы кечип жибере берет, бир метрден кечкен кимсе километрлерден да кечип кете берет.

Кор кимсе кордуктан качмак беле,

Оорууну кайдан сезмек өлүк дене.

Булар бар болгону саткын акимдер, алар мусулмандардын эрк-каалоосун көрсөтпөйт, алар мусулмандардын атынан сүйлөө укугуна да, Исламдын жана мусулмандардын жерлерин кечип жиберүү укугуна да ээ эмес. Мусулмандар бүткүл Палестина менен Жолондун ордуна башка бир жердин берилишин эч качан кабыл алышпайт, мусулмандардын бир карыш жеринде болсун, жөөт вужудун эч качан тан алышпайт. Палестина бүтүн бойдон Ислам диярына кайтарылып, жөөт вужуду Алланын уруксаты менен жок кылынат. Бул иштерди ыймандарында бекем турган момундар ишке ашырат. Анткени, жөөт менен согушуп, Алланын уруксаты менен, момундардын жеңишке жетеринде эч кандай күмөн жок. Жөөт менен сүйлөшүүлөр алып барып, аларга ийилүүчүлөр бул дүйнөдө шерменделикке, Алланын уруксаты менен тикеленчү Халифалык мамлекети тарабынан катуу жазага, акыретте болсо каардуу азапка кириптер болушат.

- *«Эгер билишсе, акырет азабы шек-күмөнсүз дагы да чоңураак».* [68:33]

### Жөөт мамлекети жана анын Америка менен тыгыз байланыштуулугу!

**Суроо:** *Жөөт өкмөт башчысы Нетаньяху 2015-жылы 3-мартта Америка конгрессинде сүйлөгөн сөзүндө: Ирандын уранды байытуу программасы алкагындагы Америка-Иран мамилесине ачык каршы экендигин баса белгиледи. Ошондой эле анын мындай билдирүүсү адаттагы протоколго дал келген жок. Негизи, протокол боюнча Обаманын жана анын конгресстеги демократиялык партиясынын уруксаты зарыл эле. Кээ бир серепчилер мындай билдирүү Обамага жакпашын айтып чыгышты. Америка менен Израил ортосундагы болуп жаткан мындай чыңалуу душмандык абалга жетти деп түшүнүгө болобу? Же бул окуялар Израил жана Америкада боло турган шайлоолорго байланыштуубу? Бул эки*

*тараптагы шайлоолордун натыйжаларынан кандай жыйынтык күтсө болот? Аллах сизге жакшылык ыроолосун*

**Жооп:** Жооп ачык айкын болушу үчүн төмөнкүгө назар салабыз:

*1 –* Жөөт өз алдынча мамлекет болушу үчүн Аллахтан же адамдардан жардам болушу зарыл. Аллах таала айтты: ***«Аларга** (жөөттөргө) **кайда болушпасын кордук жазылып коюлду, илла Аллахтын жиби** (жардамы) **жана адамдардын жиби** (жардамы) **аркылуу гана** (бул кордуктан чыга алышат)**»*** [3:112]

Аллахтын жардамы болсо алардын пайгамбарларынын доору өткөндөн кийин токтогон. Жөөт өз мамлекетинин жашоосун башка бир мамлекеттин камкордугу астында гана уланта алат. Мындай абал менен алар кылымдар бою жашап келишкен. Азыркы доордо алар Британиянын колтугуна кирди. Британия аларга Палестинаны басып алып өз мамлекетин курууда чоң жардам берди. Эми болсо Американын коюнуна киришке ашыгууда. Ошондуктан Америка менен Израилдин ортосундагы абал канчалык чыңалбасын, анын Америка менен душмандушуусу чындыктан алыс.

2 – Жөөт ири мамлекеттерге кызмат кылып, өз кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн алардын аркасынан желип-жүгүрөт. Жөөт партияларынын – бийликтеги Лейбористик партия болобу, же Америкага кызмат кылуу үчүн эмес, өз кызыкчылыгына жетүү үчүн Америкага ыктап жаткан Ликуд партиясы болобу – мындай позицияда алар айырмаланышпайт. Алар мындай позицияны кармануууда мусулман акимдеринен бүтүндөй айырмаланышат. Мусулман акимдери өз мамлекетинин кызыкчылыгын көздөбөйт. Балким, Батыш кызыкчылыгын ишке ашырууга жана бийликке жетүү үчүн гана умтулушат.

3 – Жөөт өкмөт башчысы Рабин Ицхактын башкаруу мезгилинде, Рабин жөөт мамлекетинин кызыкчылыгын ошол учурдагы Американын мамлекет башчысы Клинтондун берген чечимдерине ылайык ишке ашырууну туура көрдү. (Рабин 1992-жылы өкмөт башчы, Клинтон 1993-

жылы президент болгон). Кийин 1995-жылы жөөттөр башкача иш тутушту. Лейбористик партия Американын демократиялык партиясына ыктаса, Ликуд партиясы Американын республика партиясына ыктады. Ошондо мындай абал эки мамлекеттеги бийлик өкүлдөрүнүн ортосунда да саясий чыңалууну жараткан.

4 – Капиталистик демократия тузүмү менен жашаган мамлекеттерде шайлоо мезгили бири- биринин абийирин төгүүчү учур болот. Шайлоо кампаниясында партиялар бири-бирин жамандоодо бардык ыкмаларды ишке сала берет. Жөөт мамлекети ушул жылдын 17-мартында кезексиз шайлоо өткөрөт. Америкада болсо келээрки 2016-жылдын ноябрында шайлоо болот. Ошондуктан эки тарап тең мүмкүнчүлүктөн пайдаланып калууга ынтызар. Учурда Ликуд партиясы Республикачылар партиясы менен; Лейбористтер партиясы Демократтар партиясы менен алакаларын чыңдоого бар күчтөрүн сарпташууда.

5 – Нетаньяхунун Америкага ыктап, өз мамлекетинин кызыкчылыгына жетүүдөгү негизги жолу – АКШнын Республикачылар партиясынын саясатына жакын. Жогоруда баяндалгандай, Нетаньяхунун ыкмалары Обама менен анын Демократтар партиясынынын саясатына каршы келүүдө. Мындай пикир келишпестик Обама бийлике келгенден бери эле башталган. Ошондой эле Обама бийликке келген учурда, Нетаньяху да бийлике келген. Ошол мезгилден баштап экөөнүн ортосунда, айрыкча, Палестина маселеси жана Ирандын атомдук программасы жаатында пикир келишпестик башталган. Ошондуктан, Нетаньяху бул эки маселеде мүмкүн болушунча Жөөт мамлекетинин кызыкчылыгы корголушу үчүн, Обама администрациясына Америкадагы жөөт лоббилери аркылуу басым өткөрүүдө.

6 – Бул пикир келишпестик эки нерсени ачык көрсөтүп турат. Биринчиси, партиялар ортосундагы алакалар; экинчиси Обама менен Нетаньяхунун ортосундагы чыңалуу. Т.а. саясий абал менен биргеликте көз

караштардын дал келбөөсү. Нетаньяхунун каалоосу күчтүүрөк, биринчиден, ал бул региондогу саясий абалды жөөттүн кызыкчылыгына ылайык жөнгө салыш үчүн аскерий кубатка ээ болушту көздөөдө. Экинчиден, бул региондогу саясий абалды анын жалгыз өзүнүн саясатынын негизинде жүргүзүүнү каалоодо. Нетаньяхунун мындай позициясы Америкадагы неоконсерваторлордун арасында да кеңири таралган. Кийин Нетаньяху өзүн Буш администрациясындагы неоконсерваторлор жана Республика партиясынын мүчөөлөрү менен бирге экендигине ишара кылды. Мурунку жөөт өкмөт башчысы Эхуд Барактын кеңешчиси болуп иштеген Даниил Леви Нетаньяхунун саясий көз карашы тууралуу мындай деген: «Нетаньяхунун ар дайым Америкага ыктарына күмөн жок, анткени ал саясий таалимди алардан алган» (Обама менен Нетаньяху шахсий тараптан эле ар башка эмес, балким, көз караштарында да карама-каршы. СНН 2-каналы 2015-март) Ошондуктан Нетаньяху муну абдан жакшы түшүнөт жана Республикачылар партиясы аны колдорун да билет.

Ал эми Обама бүтүндөй реалист. Саясий көз караш жагынан Республикачыларга үстөм болушу үчүн, неоконсерваторлорго каршы иш алып барат. Ал саясатта күчтүү пикир жана кубаттуу дипломатия саясаттарын айкалыштыра иш алып барат. Карыз берүү жана башка айла амалдарды ишке салуу сыяктуу. Мындай ыкмаларды ал учурдагы саясий абалды Америка кызыкчылыгына буруу да зарыл деп билет. Буга кошумча, реалисттер, абал мүмкүнчүлүк берсе дагы, бир тараптуулукка алып бара турган ыкмаларды колдонуудан сактанышат. Ошондуктан, алар Америка пландарын ишке ашыра турган коалиция, союздар аркылуу саясий иштерди кылууда.

7 – Бирок буга окшогон кайчы пикирлерге карабастан, Республикачылар жана Демократтар экөө тең жөөт мамлекетинин коопсуздугун камсыз кылууда ат салышат. Республикачылар партиясы күч жагынан жөөт мамлекетин колдоп кубаттайт. Жөөт мамлекети кандай гана

кылмыш кылбасын, Республика партиясы муну өтө үлкөн көлөмдө колдоп-кубаттап турат. Кичи Буштун мезгилинде жөөт мамлекетин колдоп-кубаттоо абдан жогорку деңгээлге жеткен. Ошону менен эле бирге, Обама да жардамын азайткан жок. Муну Нетаньяху конгрессте сүйлөгөн сөзүндө да айтып өттү. Обама ага ыраазылык билдирди. Нетаньяху билдирүүсүндө мындай деди: «Биз Обаманын Израил үчүн көргөзгөн жардамын баалайбыз, ошондой эле, өткөн жайдагы аскерий иштерибизде ракетадан коргонуу үчүн берген жардамына ыраазылык билдиребиз. Обаманын мындай жардамына дайым ыраазымын о.э. Израиль мамлекети да ыраазылык билдирет. Ушуну менен бирге, жардам көргөзгөнү үчүн конгресске да чоң ыраазылык билдирем, айрыкча ракетадан коргонуу үчүн берилген аскерий жардамга жана «темир купол» үчүн дагы». Шайлоо жакындаган сайын чоң күчкө ээ болгон жөөт лоббилеринин добушуна ээ болуу шылтоосу менен, мындай билдирүүлөр байма-бай айтылууда.

8 – Жогорудан белгилүү болгондой, Обама менен Нетаньяхунун тирешүүсү бул Америкага болгон душмандыкты, же аны менен болгон алаканы үзүүнү билдирбейт. Болгону, бул Ликуд партиясынын республикачылар жана демократтар менен болгон ар тараптуу алакаларынын натыйжасы болуп саналат. Жакында бул эки өлкөдө боло турган шайлоо учурунда мындай пикир келишпестиктердин болуусу турган иш. Нетаньяху Израиль элиндеги рай амма (жалпы пикир) – бул Ирандын атомдук куралга ээ болуусунан кооптонуу экендигин айдан-ачык билет. Ошондуктан, ал Обаманын атом маселеси жаатында Иранга жумшактык кылып жаткан мамилесинен пайдаланды. Ошондой эле, Нетаньяху Израил коомчулугу астында өзүн аларды атом коркунучунан коргоочу адамдай кылып көргөздү. Кийин Нетаньяху өздөрүндөгү шайлоолор жаатында Обама менен сүйлөшүүлөр алып баруу үчүн, оппозициядагы Республикачылардын саясатынан да пайдаланды. Мындай абал жөөттөрдө Ликуд партиясы, ал эми АКШда Республикачылар партиясы шайлоолордо ийгиликке жетишүүсүнө

өбөлгө жаратат. Ушуга каршы, мындан бир ай мурун, 2015-жылы 7-февралда, Мюнхендеги конференцияда, шайлоо иштери алкагында Демократтар Байден жана Керринин Израиль лейбористтер партиясынын лидери Герцог менен жоолугушуулары болуп өткөн (Ицхак Герцог Израилде боло турган шайлоодо Нетаньяхунун негизги каршылашы болуп саналат). Бул эки жоолугушуу күн тартибинен сырткары уюштурулган. Ошондо Герцог Нетаньяхунун Мюнхен конференциясында сүйлөгөн сөзүн сынга алып мындай деген: «Нетаньяхунун кайрылуусу ара төрөлгөн бала сыяктуу, анын шайлоо жыйынтыгына этибар берүүсү Израилдин коопсуздугуна жана анын Америка менен болгон алакаларына коркунуч келтирет». Ушуга улай, Байдендин кеңсеси мындай билдирүү жасаган: «Жакында вице-президент өлкөнүн сыртында болот. 3-мартта боло турган Нетаньяхунун конгрессте Иран тууралуу сүйлөгөн сөзүнө катышпайт».

**Корутунду:**

а) Жогоруда баяндагандай, Обама менен Нетаньяхунун карама-каршылыктары ыкмаларда гана болууда. Келээрки шайлоодо экөө бири-биринин каршылаштарын колдойт. Мына ушул өңүттө, Нетаньяху ак үйдүн жана конгрестеги демократтардын макулдугусуз эле республикачылардын түз чакырусу менен конгреске барып сүйлөдү. Ошондуктан, Нетаньяхунун бул иш сапары эки мамлекет башчынын жана эки партиянын ортосунда чыңалууну жаратты. Ошондой эле, бул чыңалууга эки өлкөдө боло турган шайлоо да кошумча болду. Сионист Нетаньяху 2015-жылы 3-мартта конгреске келип сүйлөө үчүн, Республика партиясынан спикер Жон Байнер тарабынан чакырылган. Бул адаттан тышкаркы иш. Анткени аны Обама чакырткан эмес. Маалымат булактары байма-бай чагылдырып жаткан Нетаньяху өкмөтү менен Обама администрациясынын ортосундагы чыңалуунун ачыкка чыгышына мына ушул түрткү болду. Обама администрациясы Нетаньяхунун бул иш сапарын сынга алды. Обама Нетаньяху менен жолукпагандыгын билдирди. Нетаньяху Вашингтонго

барган учурда, Керри өлкөнүн тышында иш сапары менен жүрдү. Келээрки жылдагы боло турган президенттик шайлоодо Республика партиясы жөөт лоббилеринин добушуна ээ болуу менен шайлоодо ийгилике жетишүүнү көздөөдө деген маанайда, Обама администрациясы менен конгресстин ортосунда маалымат күрөшү күчөдү.

б) Нетаньяху конгресте Обама-Иран сүйлөшүүлөрүн айыптады. Обаманын Иран менен түзө турган келишимин туура эмес сыпаттады. Нетаняху мындай деди: «Бардык мамлекеттер Ирандын атомдук кубатка ээ болбошуна келишишкен, бирок, маалым болгондой, бул келишим аткарылбай жатат». Ал дагы буларды кошумчалады: «Мен Обаманы жана ак үйдү сыйлайм, бирок, буга окшогон тагдыр чечүүчү маселеде, Израилдин келечектеги жашоосуна кооп туудурган мындай коркунучка каршы туруuда колумдан келген бардык ишти кылам», - деди. Ал дагы: «Иранга сунушталып жаткан азыркы сунуш келечекте Израилге чоӊ коркунуч алып келет», - деп айтты. (2015 2 10 CNN). Мына ушулардын бардыгы жана Нетаньяхунун өзүн Израилдин коргоочусу катары көргөзүүсү шайлоодо пайдасын берет. Айрыкча Америкадагы келээрки шайлоодо Республикачылар ийгиликке жетиши мүмкүн деген анализдер басымдуу болушу жана Ликуд партиясынын Республика партиясына өтө эле ыктагандыгы Нетаняхуну ушуга түрттү. Нетаняхунун Ирандын атомдук кубатка ээ болуусуна жол бербөө максатынан тышкары, анын өкмөтү Ирандын атомдук программасына сокку берүүгө көп жылдан бери даярданып келет. 2011-жылдын аяк ченинде Еврапа Американы туюкка такаш үчүн Израилди Ирандын атомдук долбооруна сокку урууга шыктандырды. Франция Израилди Ирандын атомдук станцияларынын космостон алынган сүрөттөрү менен камсыздады. Германия акыркы үлгүдөгү суу астындагы кемелер менен камсыздаы. Британия аскерий тыӊчылык маалыматтары менен камсыздады. Британ аскерий жетекчилиги Израилди ушул сокку берүүгө даярдаш үчүн ал жерде үч күндүк иш сапары менен болду. Италия болсо Израилдин тик учактарына

алыскы аралыкта абадан күйүүчү май менен камсыздоо машыгуусун өз аба мейкиндигинде өткөрүүгө уруксат берди. Америка Израилге кысым өткөрүп, аскерий эскалацияга жол бербөө үчун Иранга коюлган санксиялар жетиштүү экендиги жана Обаманын бул жаата кылган саясаты пайдалуураак экендиги менен Израилди ынандырып, аны «ооздуктады». Нетаняху шайлоого карата Республикачылар эшелонуна эргешкенге чейин Израил Американын бул кысымына моюн сунуп келген.

в) Ал эми шайлоонун жыйынтыгы кандай болбосун, Израил баары бир Америкага ыктайт. Обама менен Нетаньяхунун пикир келишпестигин Америка кызыкчылыгына зыян жеткирет деп жаткан оппозициядагы лейбористтик партия дагы Американын жардамысыз Израил чоң зыянга учурайт деп билет. О.э. алар да Обаманын Израилдин коопсуздугу тууралуу кабатырланган билдирүүлөрүн ачыкка чыгарууга аракет кылышууда. Обаманын Иран атомдук маселеси боюнча алып барып жаткан саясатын стратегиялык кадам деп билдиришүүдө. Муну менен алар Америкадагы жөөт лоббилеринен колдоо табууну, ушуну менен бирге, Израилдеги шайлоодо ийгиликке жетишүүнү көздөшүүдө. Нетаньяхунун Америкадагы келерки шайлоодо жеңишке жетиши күтүлүп жаткан Республикачылар тарабына өтүшү жана өзүн Израилдин коргоочусу катары көргөзүүдөгү максаты, Америкадагы жөөт лоббилеринин колдоосуна ээ болуу жана Израилдеги шайлоодо утушка жетүү. Лейбористтер жана Ликуд партияларынан күтүлгөн нерсе, булар кээ бир нерселерде гана бири-бирине жандаша алышат. Обаманын Лейбористтерди колдошу жана Республикачылардын Ликуд партиясын колдошу – буларды тең салмактуулукка алып келет. Лекин, Обама мамлекет башчы катары өз мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланып, лейбористер менен күчтүү алака кылса, ошондо гана Нетаньяхунун шайлоодогу ийгилигине таасир эте алат. Бирок Обама иштеткендей эле күчтү Нетаньяху да ишке салышы мүмкүн. Атнкени, Обама келээрки президенттик шайлоодо талапкерлигин койо албайт. Бул нерсе Нетаньяху менен анын атаандашы

Герцогдун ортосундагы шанс тең салмакташкандыгын түшүндүрөт. Экөөнүн бирөөсү гана өкмөттү түзүүсү өтө оор иш, андыктан күчсүз коалиция түзүү зарылчылыгы келип чыгат. Анткени бул эки чоң партия биригип кете албайт. Ошондуктан бири көпчүлүктү, бири азчылыкты түзүп, коалиция куруу менен иштөгөө мажбур болот. Ошондуктан келээрки Израил өкмөтү күчсүз өкмөт болот, качан бул эки партия биригип иш кылмайынча абал ушундай болот. Ал эми Америкадагы шайлоодо Республикачылар жеңишке жетет деген пикир басымдуу. Анткени өткөн жылдагы парламенттик шайлоодо Республикачылар конгресте көпчүлүк оорунду ээлеген. О.э. Обаманын эл аралык кризисти, Американын ички жана тышкы көйгөйлөрүн чечүүдө чеке жылытарлык иш кылбагандыгы мындай пикирге негиз болуп берүүдө.

г) Ал эми Израилдин Америка менен касташуусу, биз жогоруда айтып өткөндөй, чындыктан алыс. Израил ар дайым Американын колтугунда калууга аракет кылат. Адамдардын жардамысыз Израилге жашоо жок. Ал азыркы учурда Американын колтугунда. Бирок бул жип, Аллахтын уруксаты менен, жакынкы күндөрү үзүлөт. Америка менен Израил басып алган Палестинадагы бул жип бир күнү келип Израилдин кайгысына айланганына мамлекеттер күбө болушат. Бул иш Аллахтын жардамы аркылуу, Ислам кубаты жана анын мамлекетинин көлөкөсүндө албетте ишке ашат.

***«Анын кабарын бир аз убакытан кийин албетте билесиңер»*** [38:88]

**8-март, 2015-м.**

**Американын Палестина маселелерине карата саясаты**

**Суроо:** *Өткөн 2017-жылы 5-февралдагы суроо-жоопто, Сирия жаатында Түркия ролун күчөтүү жолу менен Халабды Сирия режимине тапшыртып берүүдө Обаманын жетишкен «ийгилигин» Трамп пайдаланары тууралуу ачык-айкын келди. Ошондой эле, Сирия жаатында Орусиянын ролун кыскартышы тууралуу дагы жана Британияга белгилүү бир өлчөмдө роль бериши тууралуу да баяндалды... Бирок эки көйгөй тууралуу сөз*

*козголбоду. Трамп бул эки маселе боюнча «демдүү» билдирүүлөрдү бергенине карабастан, бул эки маселе тууралуу сөз болбоду. Америка президенти Трамп 2017-жылы 15-февралда жөөт өкмөт башы менен бирге берген пресс-конференциясында эки мамлекет ортосундагы (Жөөт-Палестина) «эки мамлекет» чечими мындан ары уланбастыгы тууралуу айтты. Америка бул чечимден баш тарттыбы? Ошондой эле, Трамп 2017-жылы 20-январда мансабына келгенден бери Иранга карата билдирүүлөрү катуу түс алды. Иран аймакта Америка кызыкчылыгын ишке ашырып берүү ролун ойноп бергенден кийин Иранга карата саясатын өзгөртмөкчү болуп жатабы?*

**Жооп:** Аллахтын жардамы менен, бул эки маселе боюнча басымдуу көз карашты баяндап бериш үчүн төмөнкүлөргө токтолобуз:

**Биринчинден, Палестина маселеси же алар атагандай «Ортоңку Чыгыш көйгөйү»:**

1 – Америка президенти Трамп түз эфир аркылуу берген, кийин массалык маалымат каражаттары байма-бай чагылдырган билдирүү мындай: «Америка президенти Дональд Трамп Ортоңку Чыгыш боюнча Америка алып бара турган саясатты жаңы негизде алып барарын белгиледи. Ал «эки мамлекет» чечими Палестина жана Израиль көйгөйүн чечүүчү жалгыз жол эместигин айтты. Эгер бул чечим тынчтыкты кепилдей албай турган болсо, башка да ыхтыярлар бар экендигине көңүл бурдурду. Республикачылларданбы же демократтарданбы, айырмасы жок, мурунку Америка президенттери эки мамлекет чечимин алга сүрүп келишкендигине да токтолду». («Франция» сайты, 2017.02.16.) Ал айтты: «Эки мамлекет чечимин жана бир мамлекет чечимин карагыла... Эгер Израиль жана Палестина өздөрү ылайык көргөн чечим менен кубанычка жете алышса, мен да ал чечимге кубанычта боломун. Эки чечим тең мени ынандырат». («ал-Жазиира» сайты, 2017.02.16.). «Бир мамлекет» чечимин Америка биринчи жолу Трамптын тили менен оозго алды. Трамп анын кандай чечим экендигин ачыктабады. Жөөт мамлекетинин

ичинде Палестинага өзгөчө макам берген чечимби? Же светтик мамлекет түзүп, жөөт админстрациясына Палестина шериктеш катыша турган чечимби? Бул чечим 1939-жылы Британия Ливан сыйгасында чыгарган «ак китепте» келген Британия сунушуна окшош. Маалым болгондой, «эки мамлекет» чечими 1959-жылы Америка президенти Эйзенхауердин учурунда Америка сунуштаган чечим. Бул чечим аркылуу Америка эл аралык коомчулук деген аталыш менен Британиянын «бир мамлекет» чечимине сокку урган эле. Кандай болгондо да, Американын бул билдирүүлөрү жана бул билдирүүлөрдүн жандооч далилдери терең идирек кылынса, Америка «эки мамлекет» чечиминен кайткан жок. Американын БУУ алдындагы өкүлү Никки Хили мындай деп айтты: «Биринчиден, бардыгынан мурда, биз «эки мамлекет» чечимин колдойбуз. Кимдир бирөө Америка эки мамлекет чечимин колдобойт десе, ал жаңылышат. Биз эки мамлекет чечимин колдойбуз. Бирок сандыктын тышкарысын да пикирлеп жатабыз. Бул эки тарапты тегерек столго отургузуу үчүн талап кылынган иш. Эки тараптын келишимге жетиши үчүн, биз буга мухтажбыз». («Reuters», 2017.02.16.). Ушул нерсе Трамп эки мамлекет чечиминен баш тартпагандыгын көргөзүп турат. Биз жогоруда айтып өткөн мезгилден бери, Америка бул эки мамлекет чечимин тандаган жана ал Америка саясаты болуп эсептелет. Болгону, Америка кысым өткөрүү үчүн ыкмаларды өзгөртүүнү каалап жатат. Анын БУУдагы өкүлү эки мамлекет чечимин колдой тургандыгын тастыктады. Бирок, сандыктан тышкарысын да пикирлеп жатышкандыктарын эстетип өттү. Же Жөөт жакка көбүрөөк тартуу үчүн, эки мамлекет чечимине карата оңдоолорду киргизүүнү каалап жатканына көңүл бурдурду. Американын БУУдагы элчиси сандыктын тышкарысын да пикирлеп жатышкандыктарын айтты. Тагыраагы, амалияттарды сандыкка салыштырды. Америка эки мамлекет чечимин ишке ашыруу үчүн, эки тараптын ишин сандыктын ичине жыйнап жаткандай түр көргөздү. Америка учурда эки мамлекет чечимине байланыштуу сүйлөшүүчүлөрдү, айрыкча, жөөт тарапты тартуу максатында,

кээ бир иштерге алымча-кошумча кылып, ыкманы өзгөртүүнү каалап жатат. 2016.11.18. суроо-Жоопто Трамптын жеңишке жетишкенден кийинки Америка саясатынын негизги багыттары өзгөрбөсү, болгону, ыкмалар өзгөрөрү тууралуу айтып өткөнбүз. Анда мындай дегенбиз: «Трамптын учурунда, мурунку Америка президенти учурунда белгиленген негизги саясий көйгөйлөргө карата Америка саясатынын өзгөрүшү күтүлбөйт. Болгону, ыкмалар гана өзгөрүүсү күтүлөт. Америка саясаты андагы ар түрдүү башкаруу институттары тарбынан белгиленет. Бирок, алардын ыйгарым укуктары көбөйүп же азайып турат. Мисалы, президент жана анын админстрациясы, Пентагон, Конгресс, Улуттук коопсуздук кеңеши жана коопсуздук чөйрөлөрү. Мына ушулар ыкмалар өзгөрүүсү менен, ошол эле маалда, Американын саясий планы өзгөрбөстөн туруп ишке ашуусун сактап турганга маанилүү таасир өткөрүшөт... ».

2 – Палестина өкмөтү бул билдирүүлөрдөн улам шокко түшүп калды. Алардын ичинен жөөттөр менен узак убактан бери сүйлөшүүлөрдү өткөрүп келе жаткан жана Палестинаны боштондукка чыгаруу комитетинин төрагасы Арикат мындай деди: «Биз эки мамлекет чечиминин ойрон болушун тамаша деп билбейбиз. Балким, бул жөөт тарапка да, Палестина тарапка да балээ» («Huffington Post», 2017.02.16.). Арикат дагы мындай деди: «Эки мамлекет чечимин алмаштыра турган чечим бул мусулмандарга, христиандарга жана жөөттөрдүн бардыгына бирдей карай турган демократиялуу бир мамлекет түзүү чечими». («ал-Жазиира», 2017.02.16.). Палестина өкмөтү жана анын куйруктары колонизатор кафир сунуштаган чечимден башка чечим билишпейт. Эгер Америка чечими болгон эки мамлекет чечими ишке ашпай калса, анда Британия сунуштаган илгерки чечимге кайтуу же жөөт бийлиги астындагы мамлекетчеге кайтуу чечиминен башка чечим билишпейт. Бул жерде Америка Палестина бийлигине жана анын куйруктарына өз планын тааныштырбагандыгы көрүнүп турат. Анткени, булардын Америка астында кыйматы жок. Себеби, Америка

булардын анын планын кабыл алып, моюн сунуп чегинүүлөргө барарын билет. Ким өзүнүн 80% жеринен чегинүүлөргө барды, ким душманын коргоо максатында өз элине каршы согушту? Ал эч бир баага татыбай турган бийлик, балким ал, ким ага нан көргөзүп койсо, тилин салаңдатып анын артынан ээрчиген ит сыяктуу бийлик!

*3* – Ал эми «Израилдин» позициясына келсек, «Израилдин» өкмөт башчысы Нетаньяху Америка президентин «Израилди» колдоого алгандыгы үчүн мактады. Бирок Трамп менен бирге берген пресс конферецияда эки мамлекет чечими долбоору тууралуу эч нерсе айтпады. Мындан көрүнүп тургандай, ал Трамптын билдирүүсүнө анчейин ыраазы эмес. Бул жерде Нетаньяху бир иштер талап кылып, бирок, ал иштерге Жооп ала албагандай жана ыраазы болбогондой. Лекин ал иштерге киришпестикти ылайык көрдү. Анткени, жөөттөрдүн Трампка ишеним артып жаткан үмүтүнө доо кетип албаш үчүн ал иштерге киришпестикти макул көрдү. Көрүнүп тургандай, Нетаняьхунун талаптарына жооп болгон жок жана ал аны ачыкка чыгарууну каалабады. «Голлан көйгөйүн» козгогону тууралуу Нетаньяхудан суралганда, ал «ооба» деп Жооп берди. Америка мамбашы ага кандай Жооп кайтарганы тууралуу суралганда, Нетаньяху «аны айтпайм, менин талабым ага күтүүсүз болду» деди жана анын майда-баратын ачыктабады. («Reuters» арабия, 2017.02.16.). Трамп шайлоо кампаниясы учурунда Америка элчиканасын Тель-Авивден Кудуска көчүрүү тууралуу берген убадасы тууралуу сүйлөшүүлөрүндө да Нетаньяху ыраазы боло албады. Трамп дем алыш күнү мындай деди: «Нетаньяху менен телефон аркылуу сүйлөшүү жакшы маанайда өттү» - деди. Трамптын бул билдирүүсү – Ак үй Трамтын шайлоо кампаниясы учурунда Америка элчиканасын Тель-Авивден Кудуска көчүрүү тууралуу берген убадасын ишке ашыруу максатында өткөрүлгөн сүйлөшүүлөрдүн «биринчи этабы» экендигин – билдиргендин артынан эле болду. Ак үйдүн басма сөз катчысы Шон Спайсер мындай деди: «Бул теманы талкуулоодо алгачкы этаптабыз» дагы айтты: «Жакынкы аралыкта

элчиликти көчүрүү тууралуу билдирүү деле жок. Бул кадам араб ааламын дүрбөлөңгө сала турган кадам» («Sky News» арабия, 2017.02.22.). Нетаньяху жөөт вужудуна кооп-коркунуч жаратып жаткан Исламга каршы күрөшүүгө басым жасоону ылайык көрдү. «Израиль өкмөт башчысы Нетаньяху Вашингтон менен биргеликте «Ислам экстремизмине» каршы күрөшүүгө жана аны жок кылууга даяр экендигин билдирди». («Халиж онлайн», 2017.02.15.). Алар Улуу Аллах тарабынан түшүрүлгөн Исламга каршы күрөшүү үчүн «Ислам экстремизмин» шылтоо катары беттерине кармап жатышат. Ислам бул Ислам, аны менен Үммөт эле эмес, бүткүл адамзат бакубат жашоого жетет. Ал акыйкат. ***«Акыйкаттан башка адашуу гана бар, каякка карай баратасыңар деги?!»*** [10:32]

## Хамас кыймылы жаңы декларацияны жарыялашынын себептери жана көз карашы

**Суроо:** *Хамас кыймылы 2017-жылы 1-май күнү Доха шаарында «улуттук, ортоктош мунасанын формуласы» деген этибарда 1967-жылдагы чегара негизинде Палестина мамлекетин курууну кабыл алышын жарыялады. О.э. ал «Израилди жексен кылуу» сөзүн алып салды жана Ихванул Муслиминден бөлүнгөнүн маалым кылды... Менин суроом эки бөлүктөн турат:*

*Хамас кыймылы жаңы декларацияны жарыялашы Американын жаңы жетекчилиги айтып жаткан жана сүйлөшүүлөр аркылуу аныктала турган чечимдерге байланыштуубу? Же Хамастын бул «ыңкылаптык» аракеттери Америка саясатына кирбеген план негизиндеги Европа таасири менен болуудабы?*

**Жооп:** «Хамас кыймылынын жалпы саясаты жана негиздери жөнүндөгү декларация» деп аталган жаңы декларацияны жарыя кылынышына түрткөн себептер жана көз карашы, Америкага жана Европага кандай байланышканын түшүнүү үчүн ушуларды айтып өтөбүз:

**Биринчиден Палестина Азаттык уюму басып алынган жерлерден баш тартуусу жана Хамас анын изинен ээрчиши:**

1 – Палестинанын жасалма өкүлү болгон Палестина Азаттык уюму 1967-жылы басып алынган аймакта мамлекеттин тикеленишине ыраазы болуп, 1948-жылдагы чегарадан баш тартты. Бирок, яхудийлер 1967-жылы басып алынган Палестина жерлерин палестиналыктарга таандык экенин моюнга алуунун ордуна, Палестина Азаттык уюмун моюнга алды. Яхудий мамлекети жана Батыш Ослодогу кооптуу келишимдер аркылуу Палестина Азаттык уюмунун базасында «Палестина автономиясын» курууга шашылышты. Ошентип Палестина бийлиги яхудий вужудунун коопсуздугун коргогон кызматкерге айланды о.э. тынчтыкты орнотууну шылтоолоп, Палестина жерлеринен байма-бай баш тарткан саткынга айланышты. Америка жана Европа яхудий вужуду канчалык кичине болбосун, мунасага баруудан баш тартышы «тынчтык» деген нерсени жүзөгө чыгаруу алдындагы негизги тоскоолдук экенин жакшы билет... Анткени, Палестина Азаттык уюму үлкөн аймактан баш тартты, ал дагы «Палестина мамлекетин» жарыялоо алдында чоң чегинүүлөргө барууга даяр. Жада калса, ал эч кандай бийлик жана куралга ээ болбогон, аты гана мамлекет болушуна ыраазы. Бирок, яхудий вужуду чоң нерсени каалайт, анткени ал бир жолу корксо, андан ары да коркушун жакшы билет...

2 – Хамас кыймылы Палестина Азаттык уюму 1967-жылы басып алынган чегара негизинде кичине мамлекет болушунун акысына яхудий мамлекетинин пайдасына чегинишине каршы билдирүүлөрдү берүүнү токтотподу. Бул болсо Палестина автономиясын Осло келишимдерине кол коюлгандан кийин болуп өткөн сүйлөшүүлөрдө алсыз абалга салды. Хамасты Палестина Азаттык уюмунун изинен ээрчиткен ыплас план – баскынчынын көзөмөлү астында бийликке келүү, кийин аны менен алакаларды орнотуу жана 1967-жылдагы чегаранын алкагында мамлекет куруу жөнүндө сүйлөшүүлөрдү өткөрүү болду. Бул болсо, табигый түрдө, яхудий вужудун

моюнга алууга алып келет. Анткени Азаттык уюму Палестина калкын чөгөлөтүү жана яхудий вужудун моюнга алууга мажбурлоо үчүн түзүлгөн Америка жетекчилигиндеги Батыш долбоорун моюнга алды. О.э. ал Хамасты баскынчынын көзөмөөлү астындагы бийликке алып келүү фитнасында Батышка шерик болду... Азаттык уюму бул иштерге кээде парда артынан жана кээде түздөн-түз катышты. Анткени, ал баскынчынын көзөмөлү астындагы бийлик Хамасты Фатх жана Азаттык уюмун алып барган нерсеге алып барышын билген... Ошентип, Хамас кыймылы 2006-жылдагы шайлоолордо жеңип чыкты. Башка топтор болсо, аны менен улуттук биримдик өкмөтүн түзүүдөн баш тартты. Анткени, бул нерсе баскынчынын колу астындагы бийликке алып келмек. Ошол эле учурда, Катар мамлекети Хамас кыймылы менен алакаларды бекемдеп, аны колдоп-кубатташын жарыялады. Ошондуктан, Хамас кыймылы Газа сектору үстүнөн толук өкүмдарлык орнотууну колго алды...

Хамас кыймылы Газа секторунда жалгыз калып тузакка түштү. Анткени, яхудий вужуду Хамас кыймылын «террорчу» уюм деп айыптап, Газа секторунда жашаган миллиондогон кишилерге (социалдык) кызмат көрсөтүүдөн баш тарты. Ал эми, Мисрде бийликке Сисий келген соң, Газаны блокадага алууну дагы да күчөттү. Ошентип Газа сектору жана андагы Хамас бийлиги эки от т.а. Сисий режими менен яхудий вужуду ортосунда калды. Рамаллахтагы бийлик да ушул жүзүктү («Израилди» курчап турган Миср, Сирия, Ливан, Иордания мамлекеттерин) толуктады. Ошентип, Хамас жада калса өзүнүн бийлиги астындагы адамдардын негизги талаптарын да камсыздай албай калды...

Хамас кыймылы Катар мамлекетинин насаатын угуп баскынчынын көзөмөлү астындагы Газадагы бийликке өзүн түрттү. Акыбетте Хамас эки тандоонун астында калды: кыйроо жана Газаны Аббастын бийлигине кайтаруу (бирок Хамас буга көнбөйт) же Катардын насаатын алып, яхудий вужудуна карата позицияны жумшартуу, аны менен алакаларды орнотуу

жана 1967-жылдагы чегаранын алкагында кичине бир мамлекетти курууга ыраазы болуу. Ар кандай аң-сезимдүү адам билет, баскынчынын көзөмөлүндө бийликке келүү – баскынчы менен алакада болуу, аны менен сүйлөшүүлөрдү өткөрүү жана аны колдоп-кубаттоо дегени. О.э. бул, 1967-жылдагы чегаранын алкагында Палестина мамлекетин куруу аркылуу каршылык кыймылынын максаттарын кичирейтүү жана канча зарыл болсо, ошончо баш тартуу дегени... Албетте, мында билбестик үзүргө өтпөйт.

3 – Хамас кыймылынын жетекчилери берип жаткан бардык билдирүүлөр ушуну тастыктап турат, алар декларация жарыя кылуудан эл аралык коомчулук бул декларацияны жакшы кабыл алышын, Хамасты Газа секторундагы бийликте калтырышын жана Палестина проблемасын чечүүдө негизги фигура айланышына ыраазы болушун көздөөдө. Башкача айтканда, Хамас Палестина проблемасын сүйлөшүүлөр аркылуу чечилишине тоскоолдук кылып жатат деген сөздөргө чекит коюу. Ушул билдирүүлөрдүн айрымдарын көрсөтүп өтөбүз:

а) Халид Машъал: «Бул саясий декларация реформаларды колдойт, Хамас кыймылынын иш-аракетин, пикирлерин жана көз карашын туюнтат. Бул саясий декларацияны даярдоого төрт жыл мурун чечим кылынган, иштеп чыгуу жараяны эки жыл мурун башталды...». (Нун пост, 2017-жыл, 1-май).

Машъал дагы мындай деди: «Хамас жаңы багытты тандады, ал баалуулуктар жана укуктарга зыян жеткирбеген өнүгүү жана ийкемдүү багыт...». (Арабия нет, 2017-жыл, 1-май). Ал басма сөз конференциясында мындай деди: «Биз Хамастын саясий иштерин жана пикирлерин айгинелеген саясий декларацияны иштеп чыгууга жетиштик... Биз согушка эмес, баскынчылыктан азат болууга аракет кылабыз... Иш жараянынын акырында эл аралык мыйзам таануучулар менен пикирлерин алуу үчүн 9 саат кеңештик. Хамас да каршылык кыймылын улантып, дагы да пикирий жана саясий жактан өнүгүп жаткан жана жаңыланып жаткан кыймыл экенин көрсөтүүдө... (Маан, 2017-жыл, 2-май).

б) Бул декларациянын ички аймак жана тышкы тараптан кыймылга кандай мааниси бар деген суроого Ашраф Бархум минтип жооп берди: «Бул декларация ийкемдүүлүк, өнүгүү, жаркын пикир жана үлкөн өзгөрүүлөр жөнүндө изденип жаткан кыймылдагы жаңы муунга көп нерсе берет. Ал коом менен мамиле кылууда жаңы кең мейкиндик ачат, душманга каршы күрөшүү табиятын аныктайт, башкалар менен мамиле кылуу услубдарын жана дүйнөгө кеңейүүнү жолго коёт». Ал кошумчалап мындай деди: «Силер Хамаска кулак салгыла, анын душмандарын жана атаандаштарын тыңдап, аны менен боло турган мамиледе адашып калбагыла...». (Нун пост, 2017-жыл, 2-май).

4 – Декларациянын беренелери да ушуну көрсөтүүдө:

–Сегизинчи беренеде келишинче: «Хамас кыймылы Ислам дини жашоонун бардык тармагын өз ичине алышын, ар кандай заман жана мекенге ылайык келишин, орто жана мелүүн рухка ээ экенин билет. О.э. ал Ислам дини көлөкөсүндө башка дин жана шарият өкүлдөрү тынч жана коопсуздукта жашаган тынчтык жана боорукең дин деп ишенет. Палестина ынтымакта жашоо, боорукеңдик жана маданий жаратмандыкта башкаларга үлгү болуп келген жана ошондой болуп калат». Бул жердеги башка диндер менен ынтымакта жашоо жана боорукеңдик деген сөздөрдөн яхудийлер назарга алынган. Башкача айтканда, эски барактарды жаап, ынтымакта жашоо жана боорукеңдик жаатында жаңы барактарды ачуу. Бул болсо, үлкөн жеңилүүдөн кабар берүүдө жана декларация жарыя кылуудан максат Палестина проблемасын чечүүдө Хамас моюнга алынышы жана декларация жакшы кабыл алынышы үчүн Америка жана Европага бул декларацияны чырайлуу кылып көрсөтүү көздөлгөн...

–34-беренеде: «Палестиналык аялдардын учурдагы жана келечектеги жашоону, саясий түзүмдү куруудагы ролу» жөнүндө жазылган. Бул беренеде аял кишинин мартабасын көтөрүү жана аял укуктарынын чыныгы талаптары жөнүндө эч нерсе жазылбаган. Анда исламий хазаратка чабуул кылуу куралы

болгон «аял укугу» деген Батыш түшүнүктөрүнө жакындашуу орун алган. Батыш Ирак, Сирия жана Палестинадагы мусулман аялдарды өлтүрбөөнү талап кылбайт, аял өз өмүрүн коргошун анын укугу деп карабайт. Батыш исламий хазаратка сокку берген аял эркиндиги түшүнүгүн кабыл алууну талап кылат.

5 – Ушул билдирүүлөрдөн жана декларация текстеринен декларацияны жарыя кылуудагы чыныгы максат көрүнүп турат. Декларация Хамас Батыш сындап жаткан исламий мафкурадан алыс, прогматисттик дүйнө карашка ээ экенин көрсөтүүдө. Хамас муну менен ал тынч чечимдин тарапкери экени жөнүндө күмөн калтырбоону каалоодо. Башкача айтканда, Хамас сүйлөшүүлөргө жол алганын жана бул сүйлөшүүлөрдү «улуттук, ортоктош мунасанын формуласы» деген ураан астында сактоону көздөп жатканын билдирүүдө. Декларация Палестина автономиясы менен яхудий вужуду ортосунда сүйлөшүүлөр өткөрүлүшүнүн ыктымалы жаралган учурда жарыя кылынууда. О.э. Махмуд Аббас 2017-жылы 2-майда Вашингтонго сапар кылган болсо, декларация 2017-жылы 1-майда жарыя кылынууда... Ал эми, декларациядагы Ислам жана яхудий вужудун моюнга албоо жөнүндөгү курулай сөздөр эч нерсеге арзыбайт. Анткени, 1967-жылдагы чегара алкагында Палестина мамлекетин куруу менен яхудий вужудун моюнга албоону кантип түшүнүү мүмкүн. Хамас 1967-жылдагы чегара алкагында мамлекет курулушуна ыраазы болгонун жарыя кылышы жана муну «улуттук, ортоктош мунасанын формуласы» деп аташы чегинүүнүн башталышы болуп эсептелет.

Бу көрүнүш Азаттык уюму шилтеген кадамдары жана чегинүүлөрү себептүү яхудий вужудунун коопсуздук кызматкерине айланып калганын эске салууда... Ушул сыяктуу Газадагы Хамас бийлиги 2006-жылдагы шайлоолордо жеңип чыгып, бийликке келгенден тартып бир канча чегинүүлөргө жол койду. Халид Машъал 2009-жылы 25-июнда Дамаскта 1967-жылдагы чегара алкагында мамлекеттин курулушуна ыраазы экенин

жарыялаганда, биз 2009-жылы 26-июнда «Хамас бийлиги Фатх бийлигин изме-из ээрчип бара жатат» деп аталган билдирүү чыгарып: «Фатх кыймылы алтымышынчы жылдарда түзүлүп, Палестинаны дарыядан деңизге чейин азат кылуу үчүн күрөшүүгө бел байлаганын жарыялады. Бирок, акыбетте ал дарыяны да, деңизди да, алардын ортосундагы жерлерди да колдон чыгарды. Фатх бийлиги Палестинанын үлкөн аймагында турган яхудий вужудун моюнга алды жана Палестинанын калган бир аз гана бөлүгүндө бир мамлекетче куруу боюнча Америка жетекчилигинде яхудий вужуду менен сүйлөшүүлөргө киришти...» дегенбиз.

Ушул сүйлөшүүлөрдөн көптөгөн жылдар өтсө да, жада калса бүгүнкү күнгө чейин Фатх бийлиги эч нерсеге жетишпеди... Фатх түзүлгөндөн жыйырма жыл өтүп, Хамас пайда болду, кийин ал да Фатхтын жолун ээрчиди. Хамас дарыядан деңизге чейин Палестинаны азат кылуу үчүн күрөшөрүн жарыялады. Кийин Фатх яхудий мамлекетин моюнга алып жатканын, 1967-жылдагы аймакты талап кылып жатканын жана Американын кучагына жүгүрүп жатканын сындай баштады... Бирок, убакыт өтүп, Хамас бийлиги Палестинанын үлкөн аймагында яхудий мамлекети болушуна жана 1967-жылдагы чегара алкагында Палестина мамлекети курулушуна ыраазы болду. Кийин ушул нерсени жүзөгө чыгаруу жөнүндө сүйлөшүү өткөрүү үчүн Америкага кол сунду... Халид Машъал 2009-жылы 25-июнда Дамаскта мындай деди: «Хамас 1967-жылдагы чегара алкагында мамлекеттин курулушун каалайт жана ушул максатта Америка менен сүйлөшүү өткөрүү үчүн колун сунат». Ошентип аста секин чегинүү Халид Машъал Хамастын азыркы декларациясында айткан кыска мөөнөттөн мурун башталды. Анткени Машаъл декларацияда: «Бул саясий декларация реформаларды колдойт, Хамас кыймылынын иш-аракетин, пикирлерин жана көз карашын туюнтат. Бул саясий декларацияны даярдоого төрт жыл мурун чечим кылынган, иштеп чыгуу жараяны эки жыл мурун башталды...» деди. (Нун пост, 2017-жыл, 1-май).

Ооба, чегинүү мурунураак башталган, бул жердеги айырма ушул: Машъал ошол кезде чегинүүнүн бир бөлүгүн айткан болсо, кийин ага калган бөлүгүн кошту. Машъал мурун 1967-жылдагы чегара жөнүндө сүйлөп, яхудий мамлекетин жок кылууну айтып, Ихванул Муслимин менен алаканы үзбөгөн болсо... Азыр секин аста чегинип, бул эки максатынан да баш тартты! Ортодогу айырма ушул: мурун курулай сөздөрдү сүйлөгөн болсо, азыр саясий декларацияны жарыя кылууда!

**Экинчиден: Хамас декларациясы жана анын Американын чечим жөнүндөгү долбооруна байланышы:**

1 – Араб өлкөлөрүндөгү, өзгөчө Сириядагы кырдаал, Америка жана Түндүк Корея ортосундагы кескиндик акыбетинде Палестина проблемасы Америка жетекчилиги үчүн экинчи даражадагы маселе болуп турат. Ошондуктан, Америка бул проблеманы чечүүгө шашылбай жатат... Ал азыр Палестина маселеси чечиминин келечегин дыкат күзөтүүдө жана арабдар, өзгөчө палестиналыктар менен яхудий вужуду ортосунда сүйлөшүүлөрдү баштоо мүмкүнчүлүгүн үйрөнүүдө.

Муну BBC радиосунун 2017-жылы 11-марттагы кабары да тастыктайт: «Рейтер маалымат агенттиги. Палестина жетекчисинин басма сөз катчысы Набил Абу Радина айтышынча, Трамп Махмуд Аббаска сүйлөшүүлөргө кайтуу жөнүндө баш катырып жатканын жана чыныгы тынчтыкка алып бара турган тынчтык амалияттарын ишке ашырууга бел байлаганын айткан». Трамп Аббас менен өткөргөн басма сөз жыйынында мындай деди: «Эмне зарыл болсо, кыламын... Эки тараптын ортосунда ортомчу, жолдоочу жана судья болууну каалаймын, биз жакында бул иштерди ийгиликтүү бүтүрөбүз...». (Русиял Явм, 2017-жыл, 4-май). Башкача айтканда, Америка азыр Палестина проблемасы жөнүндө анык бир планды сунуштабайт. Анткени, ал эки маселе т.а. Сирия жана Түндүк Корея маселесине жаатында – согуш кылабы же жарашабы – белгилүү бир ийгиликке жетишпей туруп, Палестина маселеси тууралуу сүйлөшүү өткөрүшү жана тынчтык

амалияттарына киришүүсү анык эмес. Трамп азыр күзөтүү, үйрөнүү жана Палестинада жаңжалдашып жаткан тараптар жөнүндө курулай сөздөрдү айтуу баскычында турат... О.э. Трамп бул эки тарап алар каалаган же яхудий вужуду каалап жаткан чечимге келишүүсү үчүн түздөн-түз жолугушууларды өткөрүшүн каалоодо!

Ошондуктан алардан түздөн-түз жолугушуу өткөрүүнү талап кылды. «АКШнын БУУдагы өкүлү Никки Хейли шейшемби күнү Палестина өкүлү Рияз Мансур менен жолугушту. Жолугушуу бүткөн соң, ал «Твиттер» аркылуу: «Палестиналыктар натыйжага жетишүү үчүн АКШга кайрылуунун ордуна израилдиктер менен түздөн-түз сүйлөшүү өткөрүшү керек...» деди». (BBC радиосу, 2017-жыл, 11-март).

2 – Американын бүгүнкү жетекчилиги яхудий вужудун мурункулардан көрө көбүрөөк колдоодо. Анткени, Америка Ортоңку Чыгыш бардык тараптан учурдагы абалга каршы козголоңдор жарылган регионго айланганын көрүп турат. Америка бүгүн исламий дүйнөдөгү малай режимдер аркылуу козголоңдорду бастырууга күчү жетип турган болсо да, эртең муну кыла албайт. Анткени, бул режимдер күндөн-күнгө алсыздашып барууда, жада калса айрымдары кулоо астында турат.

Ушулардын натыйжасында араб мамлекеттериндеги режимдер күчсүздөнгөн соң Америка стратегиясындагы яхудий вужудунун мааниси абдан күчөдү, ал Америка кызыкчылыктарына кызмат кылууда биринчи орунда турат. Ошондуктан, Трамп жетекчилиги эки мамлекетти куруудан баш тартып, бир мамлекетти куруу жана Америка элчилигин Куддуска көчүрүү маселесиндеги аракеттери таң каларлык болуп көрүнүшү мүмкүн. Америка бул жерде кандайдыр бир айла-амал кылып жаткан болсо да, бул, Америка козголоңдор каршысында өзүнүн кызыкчылыктарына кооп-коркунучту сезип жатканын көрсөтүүдө. Ошондуктан, Америка региондогу малайлары кулаган соң, анын кызыкчылыктарын яхудий вужуду гана коргой алат деген күмөндө, этибарын аны колдоп-кубаттоого каратууда...

3 – Президент Трамп яхудий вужудуна ушундай маани берип, колдоп жатканы үчүн палестиналыктардан фитнаны токтотууну талап кылды. Трамп үчүнчү майда Аббас менен биринчи жолу жолугушканда эле палестиналык жетекчилерди «израилдиктерге каршы фитнага каршы туруудa бир сөздө болууга чакырды...». (Рейтер, 2017-жыл, 4-май).

Мындан тышкары, Трамп эгер палестиналыктар эки мамлекет болушун каалашса, аларга дагы кошумча шарттарды жүктөөдө. Монитор сайты 2017-жылы 2-майда кабарлашынча: «Палестиналык сүйлөшүүчүлөрдү көбүрөөк тынчсыздантып жаткан нерсе – тынчтык сүйлөшүүлөрүн кайра жандантуу үчүн Америка коюп жаткан шарттар. Бул шарттарды Америка элчиси Жейсон Гринблатт март айында Палестина жана араб жетекчилери менен жолугушканда сунуштаган. Ал шарттар тогуз беренеден туруп, Америка аларды эки мамлекетти куруунун тарапкерлеринен талап кылды. Бул шарттарда Палестина коопсуздук кызматын реформалоо, коопсуздук жаатында «Израиль» менен толук кызматташуу, Газага акча которууларды токтотуу, палестиналыктар терроризмге каршы амалда күрөшүп жатышканын көрсөтүшү керектиги камтылган.

**Үчүнчүдөн: Европанын бул декларацияга карата мамилеси жана Европа Америкадан көз карандысыз кадам шилтей алдыбы?**

Европа мамлекеттери азыр Америкадан бөлөк өзүнчө долбоорду ишке ашыра турган деңгээлде эмес. Британия малайы болгон Катар бул иште активдүү роль ойногон болсо да, бирок, бул Европа палестиналыктар проблемасын Америкадан көз карандысыз чечүүгө кудуреттүү дегени эмес... Ошондуктан, яхудий вужудун моюнга алуу жана аны менен сүйлөшүү өткөрүү – Америка жана Европанын ортоктош талабы. Британия Европа Союзунан чыгууга багыт алгандан кийин, палестиналыктардын проблемасын чечүү үчүн Америка менен бирге болууга жана ага тоскоолдук кылбоого болуп көрбөгөндөй даяр. Трамп жетекчилиги да Британиянын айрым кызыкчылыктарын моюнга алат жана ага олжодон бирер нерсе берүүгө даяр.

Анткени, бүгүн Америка жана Европа үлкөн исламий коркунучтун астында турат. О.э. экөөсү бул коркунуч козголоңдор жалындаган исламий араб регионунда пайда болушун жана регион Батыш өкүмдарлыгынан чыгып кетиши мүмкүндүгүн көрүп турушат.

**Төртүнчүдөн: Биз ар дайым айтып келген нерсени дагы кайталап айтабыз:**

Фатх жана Хамас кыймылдары Палестинада эки мамлекет курулушун моюнга алышы яхудий вужудун шаръий жактан алганда мыйзамдуу вужудга айлантпайт. Анткени Фатх жана Хамас Ислам жана мусулмандар дегени эмес, тескерисинче алар жолдон адашкан кербендин арзыбас бир бөлүгү. Палестина болсо мубарек исламий жер болуп, Исламий Үммөттүн мүлкү. Аллах Таала улуу окуя т.а. Исро түнү Аксаны Байтул Харамга байлагандан бери Палестина жери Үммөттүн зээнинен жана жүрөгүнөн орун алган.

***«**(Аллах)* ***бир түнү, Өз пендесин — ага аят-мужизаларынан көрсөтүү үчүн Масжидул Харамдан Биз айланасын берекелүү кылып койгон Масжидул Аксага сейил кылдырган аруу Зат. Чындыгында, Ал угуучу, көрүүчү Зат»*** [17:1]

Палестина проблемасы эки мамлекет куруу жөнүндө сүйлөшүүлөрдү өткөрүү жана яхудий вужуду менен сүйлөшүүлөрдү өткөрүү менен Америкага кол сунуу аркылуу чечилбейт. Яхудий вужуду жада калса 1967-жылы басып алган аймактардан бүтүндөй чыгып кетса да проблема чечилбейт. Ислам назарында 1948-жылы басып алынган аймактар да, 1967-жылы басып алынган аймактар да бирдей. Бул мубарек жер Исламий Халифалык доорунда Ислам шейиттеринин канына бөлөнгөн. Палестина жеринде шейит каны тамбаган жана мужахид аты баспаган жер калбаган. Палестина Исро окуясынан бери мусулмандардын мойнундагы аманат, эч бир мусулман бул аманатка кыянаттык кылууга акысы жок.

***«Эй момундар, Аллахка жана Анын пайгамбарына кыянаттык кылбагыла жана силерге ишенип тапшырылган аманатка билип туруп кыянаттык кылбагыла!»*** [8:27]

**15-шаъбан, 1438-х.**

**12-май, 2017-м.**

**Трамптын Куддусту жөөттөрдүн борбору деп жарыя кылуусуна карата Хизб ут Тахрирдин амири Ато ибн Халил Абу Руштадан бүткүл Үммөткө кайрылуу!**

Бисмиллаахи рахмаанир рахиийм

2017-жылдын 7-декбрь түнүндө Америка президенти Трамп Куддусту жөөттөрдүн борбору деп тааный турган жарлыгын чыгарды. "Америка мамлекет башчысы шаршемби күнү Ак үйдөгү кайрылуусунда Куддусту “Израилдин” борбору деп тан ала турган билдирүүсүн жарыя кылды. Ошондой эле Америка тышкы иштер министрлигине Американын Тель-Авивдеги элчиканасын Куддуска көчүрүүнү жана инженер, архитекторлорду ишке тартуу жараяны башталуусун тапшырды. Трамп дагы кошумчалап мындай деди: “Куддусту Израилдин борбору катары тан алуу тууралуу убадамды өтөөсүнө чыгардым”. (“Аль арабия нет” 2017. 12. 06)

Баарынан таң калычтуусу, Трамп бул билдирүүнү жарыя кыла электе көптөгөн Исламий өлкөлөрдүн акимдери менен телефон аркылуу Куддус жана Акса тууралуу сүйлөшкөн. Салман, Аббас, Абдулла, Сиси жана Саадис менен телефон аркылуу байланышкан. Ал бул сүйлөшүүлөрүндө бир нече сааттан кийин Куддусту Израилдин борбору катары тааный тургандыгын жарыялоосун да айткан. Бирок, ушуга карабастан бул тирүүнүн өлүгү болгон малай акимдер Трамптын бул аракетине каршы ооз ачышкан жок!

Ооба, Ислам жана мусулмандардын душманы болгон тогут Трамп жөөттөргө болгон убадасын аткарды. Куфр бул бир калк. Каапырлардын бири-бирине көмөк көргөзүүсү таң кала турган нерселерден эмес. Бирок таң кала турган нерсе, Ислам өлкөлөрүнүн акимдери каапыр калкка этибар

бербестен, аларды дос тутуп жаткандыктары. Аллах Таала айтат: "Эй ыйман келтиргендер, жөөт жана насронийлерди дос тутпагыла, алар бири бирине дос. Кимде-ким аларды дос тутса анда ал ошолордон. Аллах заалим коомду хидаяттабайт".

Эй мусулмандар:

1948-жылы Америка жөөт мамлекетин тан алган. Андан кийин аны колдоп кубаттоого алды. Американын бул аракетине каршы акимдер лам дебеди. Балким Американы дос тутушту жана кор болушту. Натыйжада, кордук алардын адатына айланды.

1967-жылы жөөт Палестина жерлеринин калган бөлүгүн басып алуусун улантты. Жөөттүн бул баскынчылгын Америка дагы колдоп кубаттап турду. Исламий өлкөлөрдүн акимдери буга каршы дагы лам деп ооз ачышпады. Балким, жөөт менен болгон көйгөйдү чечүүдө Американы ортомчу кылышып, аны чыныгы дос тутушту. Дагы кор болушту. Натыйжада кордук алардын жашоо образына айланды.

Малай акимдер куралсыздандыруу аркылуу болсо да чыгыш Куддусту Палестиналыктарга борбор кылып берүү үчүн Америка Израилге кысым өткөрөт деп алдап, коомду адаштырып келишти... Алар ошол алдап адаштырууларында бир гана өздөрүн алдап көөдөндөрү сокур болуп адашышты.

Мына ушул Америка Трамптын тили менен Исра жана Мээраж жери жана мусулмандардын биринчи кыбыласы болгон, Исламдагы улуу үч мечиттин бири болгон, Куддусту чыгыш-батышы менен биргеликте Израилге борбор кылып берди. Трамп бул жарлыгын чыгара электе бул малай акимдердин Куддус боюнча бир нерсе дегенин теңине албастан, Куддусту Израилдин борбору кылып жарыялай тургандыгын аларга алдын ала билдирди. Тактап айтканда, Трамп үчүн алардын бул жаатта бирдеме деши күкүмчөлүк да мааниге ээ эмес болчу. Чындыгында бул малайлар Палестина маселесинде бирдеме дей турган деңгээлде болбой калышты. Тескерисинче,

Трамп аларды теңине албагандыгын дагы да ачыктап, Ак үйдөгү кайрылуусунда бул малай акимдер менен Куддус маселеси боюнча жолугушууларды өткөрүү үчүн өзүнүн орун басарын жөнөтөөрүн билдирди. "Трамп өзүнүн орун басары Майкл Пенсти жакынкы аралыкта Ортоңку Чыгышка иш сапары менен жөнөтөөрүн билдирди." (“Аль арабия нет” 2017. 06. 12)

Бул малай акимдер кудум өлүк адам жаракаттын оорусун сезбегендей, өздөрүн кор тутуу менен мындай кордук аларга сезилбей жатат.

Эй мусулмандар!

Акылы бар адам Палестинаны жөөт баскынчылыгынан куткарууга каршы болобу? Акылы бар адам Палестинаны басып алган жөөттү колдоп кубаттап жаткан Америка жана анын шериктери менен дос болобу? Палестинаны куткаруунун жолу бул - жөөттөрдүн колун сындырып коё турган армияны аракеттке келтирүү эмеспи? Аллах Таала айтат: "Алар менен согушкула! Аллах силердин колуңар менен аларды азаптап, аларды кор кылат жана силерге жардам берет. (Алардын үстүнөн жеңиш берүү менен Аллах) Момундар коомунун көкүрөктөрүндөгү кайгы муңду кетирет."

Эй мусулмандар!

Палестинаны куткаруу жолу ага карата баскынчылык кылып жаткан жөөттү колдоп кубаттап жаткан мамлекеттер менен душмандык мамиледе болуу эмеспи? Ислам жерлеринен кууп чыккандарды кайрадан ал жерден кууп чыгууга Аллах буйруган эмеспи? Аллах Таала айтат: "Силерди кандай кууп чыккан болсо (аларды да ошол) жерден кууп чыккыла" Ислам жерлерин басып алган жөөттөрдү колдоп кубаттап жаткан мамлекеттерге карата душмандык мамиледе болууну Аллах буйруган эмеспи? Аллах Таала айтат: "Аллах силерди өз жерлериңерден кууп чыккандар жана аларга жардам бергендер менен достук мамиледе болушуңарды тыят. Кимде ким аларды дос тутса (анда) алар заалимдер." Мына ушул Куран акыйкаттарын кимде туя турган жүрөк, уга турган кулак болсо акыйкат чечим эмеспи?

Эй мусулмандар!

Эй Ислам жерлериндеги аскерлер! 1948-жылдагы жөөттүн Палестина жерлеринин көп бөлүгүн басып алуусуна акимдердин унчукпай туруусу жана армияны аракетке келтирбегендиктери эң чоң кылмыш болгон. 1967-жылдагы Палестинанын калган жерин жөөттүн басып алуусуна акимдердин унчукпай карап туруусу жана Палестинаны толук кайтарып алуу үчүн армияны аракетке келтирбегендиктери андан да чоң кылмыш. Жөөт баскынчылыгын колдоп кубаттап жаткан мамлекеттер менен душмандык мамиледе болбогондук өтө чоң кылмыш. Алар менен достук мамиледе болуу Аллахка анын Расулуна жана момундарга болгон кыянаттык!

Трамп Куддусту Израилдин борбору деп жарлык чыгаруу менен бул малай акимдердин авраттарын жаап турган калган каткан чүмбөтүн ачып, шерменделерин чыгарды. Ушундай шерменделери чыккандан кийин да бул малай акимдердин Исламий өлкөлөрдө дагы да бийлик жүргүзүүсү мүмкүнбү? Бул рувайбиза акимдер жөөт тарабынан басылып алынган берекелүү Аксаны азат кылууга армияны аракетке келтирбесе жана жөөт баскынчылыгына жардам берген мамлекеттерге каршы душмандык мамиледе болушпаса, анда армия өзү аракетке келип бул рувайбиза акимдерди жер менен жексен кылуусу керек. Мусулмандар жана алардын армиялары бул малай акимдерди кулатып анын ордуна туура жолдогу Халифалыкты тикелөөгө татыктуу үммөт. Мына ошондо гана колонизатор каапырлар Ислам жерлеринин бир карышына да бастырып кире алышпайт. Ал тургай моюндарына кордук жазылган жөөт барлыгы тууралуу сөз да козголбой калат. Аллах Таала айтат: "Эгер алар менен согушсаңар алар арттарына карап качышат жана аларга жардам да берилбейт"

Эй мусулмандар! Эй мусулман өлкөлөрүндөгү мусулман армиялары!

Хизб ут Тахрир исламий партиясы өз үммөтүн алдабаган жол башчы катары бул малай акимдердин жөөт баскынчылыгына карата сүкүт сактап турган кылмыштарына каршы унчукпай калуудан кайтарат. Алардын

адаштырууларына, алдоолоруна бүгүнтөн баштап дагы алданып калбагыла. Билип койгула, бул сүкүт сактоо Палестинаны эле колдон чыгарууга чектелбейт.Тескерисинче, Палестинадан башка жерлерге да улашат... Бул малай акимдерге моюн сунууга далил издегендерге далилге окшош бирер нерсе калбады. Берекелүү Аксаны жөөт баскынчылыгынан кайтарып алуу үчүн жөөт барлыгын жок кылуудан тосуп жаткан бул малай акимдердин буйругуна баш ийүү үзүрүн издегенге үзүргө окшош бирер үзүр да калбады. Силердин мындай абалда буларга баш ийүүңөр бул дүйнөдө кор болууга жана акыретте азапка дуушар болууга алып барат. Силерден мурункулар айткандай, биз чоңдорубузга баш ийдик деген сөздөрүңөр акыретте суу кечпей калат. Балким бул сөздүн акыбети анык адашууга алып барат. Аллах Таала айтат: "Алар айтышты Роббибиз биз башчыларыбызга, чоңдорубузга баш ийдик алар бизди адаштырды" дешет.

Акыйкатта бул рувайбиза акимдерге моюн сунуунун акыбети анык адашуу! Анын акыбети бул дүйнөдө кордукка, акыретте азапка дуушар кылат. Бул малай акимдер адаштырууга кыянат кылууга, жалган айтууга, адаттанып калышкан. Жаабир бин Абдулла р.а риваят кылат: “Пайгамбар с.а.в. Каьб бин Ужратага айтты: “акылсыз амирлердин ишинен Аллах сага жардам берсин. Айтты: акылсыз амирлер эмне? Айтты: менден кийин боло турган амирлер мен алып келген хидаят менен жүрүшпөйт менин сүннөтүмдү жолдошпойт. Кимде ким алардын жалганын чындыкка чыгарса, алардын зулумдарына жардам берсе, мына ошолор менден эмес, мен да алардан эмесмин жана алар менен хавзума (көл) келишпейт. Кимде ким алардын жалганын чындыкка чыгарбаса, зулумдарына жардам бербесе мына ошолор менден жана мен алларданмын алар менен хавзума келишет.” (Ахмад муснадында келтирген). Ошондуктан эй мусулмандар! Бул акимдердин түзүмдөрүн түп орду менен жок кылып салууга шашылгыла! Анын ордуна Ислам түзүмүн орноткула! Ошондо дүйнө жана акыретте улуу болосуңар.

"Ал күнү момундар Аллахтын нусраты менен шаттанышат. Аллах кимге кааласа жардам берет Ал улуу жана ырайымдуу."

**2017. 12. 07.**

### Бахрейн конференциясы жана «кылым келишими»

**Суроо:**

*Кушнер жетекчилгиндеги Бахрейн экономикалык конференциясы бүгүн аягына чыкты. Манамада өткөн бул конференциянын ачылыш сөзүндө Кушнер мындай деди: «Бахрейн семинары кылым келишими эле эмес, ал кылым мүмкүнчүлүгү». («Спутник арабий», 25.06.19). Ушул конференция «кылым келишиминин» бир бөлүгүбү? Же, Кушнер айткандай, ал өзүнчө долбоор болуп саналабы? Соңунда эмнеге келишимде эмнелер камтылганы жөнүндө ачыкталган жок? Же мунун айланасында жылжып кирүүлөр барбы? Анын ийгиликке ашып кетишине канчалык мүмкүнчүлүгү бар? Аллах ыраазы болсун.*

**Жооп:**

Жооп түшүнүктүү болушу үчүн төмөнкү нерселерге назар салып чыгуу зарыл.

**Биринчиден, Бахрейн конференциясы:**

1 – «Кечээ кечинде Ак үй кийинки айдын акырында Бахрейндин борбор калаасы Манамада эконимикалык «семинар» уюштуруларын жана анын алкагында Трамптын Жакынкы Чыгыштагы тынчтык планы негизиндеги экономикалык бөлүгү жарыяланарын билдирди». («Жакынкы Чыгыш» сайты, 20.05.19).

2 – «2019-жылы 22-июнда, Бахрейн семинарынан мурда Кушнер тынчтык планынындагы экономикалык бөлүктүн майда баратын ачыктады: Трапмтын тынчтык планы Фалестиндин жана кошуна араб мамлекеттеринин экономикасын өстүрүү үчүн суммасы 50 миллиард долларды түзө турган

инвестициялык фонду түзүүнү камтый тургандыгын жана суммасы 5 миллиард долларга барабар болгон Батыш Жээк менен Газа тилкесин байланыштырган транспортук өткөөлдү курууну камтыгандыгын билдирди». («Франция 24», 24.06.19).

3 – «2019-жылы 25-июнда Вашингтон жана Манама тарабынан «Фалестин жеринде инвестиция көлөмүн өстүрүү максатында өнүгүү үчүн тынчык» аталышындагы чакырык ташталып жаткан Бахрейн конференциясы болуп өттү». («Би Би Си арабий», 25.06.19).

4 – «Трамптын күйөө баласы жана кеңешчиси Жаред Кушнер Манамада «Бахрейн семинарынын» ачылышын жасады. Бул семинар Фалестинди өнүктүрүүгө арналган экономикалык форум болду. Кушнер Батыш Жээк жана Газа тилкесин экономикалык жактан өнүктүрүүгө арналган Америка планынын кээ бир 50 миллиард долларга барабар болгон майда баратын ачыктады. Мунун негизинде Фалестиндин ички дүң продукциясы эки эсеге өсүшүнө жана жумуш орундарынын пайда болуу мүмкүнчүлүгүнүн артышына ишаара кылды». («RT», 25.06.19).

5 – «Трамптын кеңешчиси Жаред Кушнер мындай деди: «Вашингтон саясий чечим даяр болгондо, аны жарыялайт». Кушнер дагы кошумчалап: «Бахрейн конференциясы Жакынкы Чыгыштагы көйгөйдү экономикалык жактан чечүү мүмкүн экендигин көргөздү», - деди. Ал бул билдирүүсүн Бахрейндин борбор калаасы Манамада болуп өткөн Бахрейн семинары аяктаган соң эле берди». («Ал-Алам TV» сайты, 26.06.19).

6 – «Конференциянын жыйынтоочу баянатында: «өнүгүү үчүн тынчтык» аталышындагы семинардын катышуучулары Фалестин экономикасын көтөрүү үчүн инвестиция тартууну күчөтүүгө чакырышты. Баяндаманын корутундусунда семинар «Фалестин элинин кызыкчылыгын көздөгөн экономиканы өнүктүрүү үчүн ири көлөмдөгү инвестиция тартуу оптимизмин жаратуу менен аятагандыгы белгиленди. Ошондой эле, семинардын аягындагы талкуулар Фалестин элинин кызыкчылыгын көздөгөн

экономикалык өнүгүүнү жолго салуу мүмкүнчүлүктөрүн жаратууга токтолгондугу да белгиленди. Ошону менен бирге, талкуулардын жыйынтыгы аялдардын укуктук мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө, жумушсуздуктун жогору арымына кабылып жаткан жаштар менен маанилүү, натыйжалуу байланыштарды калыбына келтирүү аркылуу жумушчу күчүн өнүктүрүүгө токтолду. Кушнер сунуштап жаткан экономикалык пландын негизинде Фалестин жерине суммасы 28 миллиард долларлык инвестиция тартуу жана мындан башка да Фалестин качкындарын кабыл алып жаткан Иордания, Миср, Ливанга да жалпы суммасы 22 миллиард долларлык инвестиция тартуу каралган». («Анадолу» агентиги, 27.06.19).

Мына ушундайча бул конференция «кылым келишимин» жарыяланган учурдан ары улантуу шартын жаратуу максатында өткөрүлдү. Башкача айтканда, бул аймактагы араб жана араб эмес жетекчилер Трамптын келишими аркылуу өз өлкөлөрүнө кыянаттык кылуулары үчүн Трапмтын ыкмасындагы пара алуулары болуп саналат.... алар акыл жүргүзүшөбү?

**Экинчиден, «кылым келишими» жана андан жылжып чыккан нерселер:**

1 – Америка 1959-жылы Эйзенхауэр эки мамлекет долбоорун кабыл алгандан бери бул долбоорду ишке ашырууга бел байлаган. Абду Насыр мунун ишке ашырууга аракет кылды. Америка 1964-жылы ал аркылуу Ахмад Шакиирий башында турган Фалестин азаттык кыймылын түздү. Кийин 1967-жылдагы жеңилүүдөн кийин Шакиирий бул уюмдун жетекчилигинен кетти. 1968-жылы Британия өз малайы падыша Хусейндин, Булуң мамлекеттеринин колдоосу менен, жана Британия долбоору катары саналган Фалестин илманий мамлекетин куруу долбооруна чакырык салган, Ясир Арафатты Фалестин азаттык уюмунун жетекчилигине алып келүү менен өз долбоорун алга сүрөй баштады. Британия бул малайлары аркылуу 1965-жылы Фатх уюмун негиздеген. Бирок, Америка малайлары Мисрдеги Анвар Саадат, Сириядагы Хафиз Асаддын кысымы астында Британия долбоорун ишке

ашыруудан баш тартты жана Америка долбоорун ишке ашырууну тандап алды. Ошондуктан, 1974-жылы бул уюм жалпы араб мамлекеттери тарабынан Фалестин элинин жападан жалгыз мыйзамдуу өкүлү катары тан алынды, ошондой эле, БУУ тарабынан да кабыл алынды жана ага өз өкүлүн киргизди. 1988-жылы Арафат расмий түрдө Фалестиндин 80% жерин басып алгандыгы менен биргеликте яхудий вужудун тан алды. Арафат бул тан алуусун Фалестин мамлекеттүүлүгүн жарыялап айткан билдирүүдө: «Фалестин жеринде эки эл үчүн эки мамлекет» деген сөзү менен билдирди. Ал 1993-жылы Ослодо келишимге кол койду жана Фалестин азаттык кыймылынын жетекчилиги астында Фалестин бийлигин түзүүнү, ошондой эле 1999-жылдын кирип келиши менен Фалестин мамлекетин тикелөө долбоорун жарыя кылды. Бирок, ошону менен биргеликте Америка бул долбоорун Клинтондун учурунда узак убакыт ишке ашыра алган жок. Кичүү Буш бийликке келгенден кийин 2002-жылы Араб лигасы Саудия демилеси аталышындагы Америка долбоорун ишке ашырууну тандады. Ал долбоордо, эгер яхудий вужуду өз жанында Фалестин мамлекетинин болуусун кабыл алган учурда, араб мамлекеттери яхудий вужудун тан алуулары каралган. Мунун артынан Америка 2003-жылы жол картасы долбоорун ишке салды. Бул долбоордо 2005-жылдын кириши менен Фалестин мамлекетин тикелөө жана Жакынкы Чыгыш төрттүгүн түзүү каралган. Бирок, бул мамлекетти тикелөө ишке ашкан жок. Эки мамлекет чечимин ишке ашыруунун оор жүгү 2009-2013-жылдары Американын экс-мамбашы Обамага жүктөлдү. Бирок, ал аны ишке ашырууда ийгиликсиздике учурады. Мына ушундайча Америка мамбашылары Фалестинде эки мамлекет чечимин ишке ашырууга урунушту, бирок аракеттери ийгиликсиздик менен аяктады. Кийин Трамп бийликке келди. Америка Фалестинде эки мамлекет чечимин ишке ашыра албастыгына көзү жетти. Ошондуктан, анын орун алмаштырууну же ага ондоп-түздөөлөрдү киргизүүнү ылайык көрдү. Конгресс 1995-жылы Куддусту Израилдин борбору катары тан алуу токтомун чыгарган. Бирок, бул токтомду

ишке ашырууну Америка мамбашысына милдеттүү түрдө кылган эмес. Ал бул токтомду кайсы учурда ылайык көрсө, ошол учурдагы мамбашыга милдетендире тургандай кылып артка сүрүп келген.

2 – Трамп ант бергенден кийин ушул пландын негизинде жолун улады. Ал өз билдирүүсүндө «Израиль» менен Фалестин ортосундагы күрөштү аягына чыгарууда эки мамлекет чечими бирден бир жол эмес, эгер тынчтыкка жеткире турган башка орун басар тандоолор бар болсо, аны кабыл аларына ишаара кылып мындай деди: «Биз эки мамлекет чечимин же «Израиль» менен Фалестин бир мамлекет чечимине кадыржам болушарын караштырып жатабыз. Алар кайсы чечимди артык көрүшсө, мен ага макулмун. Бизге эки чечим тең ылайык келет». («Ал-жазиира», 16.02.17). Кийин Трамп ишке ашырып жаткан пландын ишааралары биринин артынан бири ишкек салына баштады. Трамп Америка элчиканасын Тель-Авивден Куддуска көчүрдү. Трамп муну 2017-жылы сентябрь айында ишке ашырды, башкача айканда, Трамптын планы негизинде Куддус «Израилдин» бир бөлүгү катары саналышына макулдугун жарыя кылгандан кийин. Андан соң Трамп «Израиль» жана Фалестин ортосундагы күрөштү «акыркы келишим» же «кылым келишими» алкагында алга сүрүү тууралуу айтты. Андан кийин бардык иш Трамптын күйөө баласы жана кеңешчиси, ошондой эле Жейсон Гринбалттын кеңешчиси Жаред Кушнердин колуна өттү. Кушнер Жамкынкы Чыгыш жана «кылым келишимин» алга жылдыруу боюнча Америка мамбашынын ыйгарым укуктуу өкүлү болуп эсептелет. Кушнер 2019-жылы февралда Трамптын планына колдоо табуу үчүн көптөгөн өлкөлөргө иш сапары менен барды. Саудиянын ханзаадасы Мухаммад бин Салман менен жолукту, ошондой эле, 2019-жылы 27-апрелде Анкарада Эрдоган менен жолукту, кийин Бириккен Араб Эмираты, Бахрейн жана Омандын жетекчилери менен жолугушту. Анын бул иш сапарындагы негизге аракет аймактагы өлкөлөрдүн жетекчилеринин колдоосун табууга каратылды. Трамптын администрациясы 2018-жылы сентябрь айында Нью-Йоркто өтчү

БУУнун жалпы жыйынында планды сунуштай тургандыгын убада кылды. Бирок, планды сунуштоо 2019-жылдын башталышына жылдырылды. Анын артка жылдырылышы «Израилдеги» шайлоолор 2019-жылдын май айына жылдырылгандыгы себебтүү болгондугу менен түшүндүрүлдү. Кийин рамазан айы кирип келди... Трамп планды рамазан айынан кийин 2019-жылы июнь айында жарыя кыла тургандыгын билдирди, азыр болсо, жарыя «Израилде» шайлоолор бүткөндөн кийин 2019-жылы ноябрь айына жылдырылды. Трамп Нетаньяху биринчи жана экинчи турдагы шайлоо айлампаларында ийгиликке жетише албагандыгына «кыжаалат» болду. Ошондуктан, Трамп келишимин жарыя кылууну дагы артка жылдырды. «Трамп Британияга иш сапары менен чыгуу учурунда Ак үй алдында журналистерге берген маегинде: «Нетаньяху өткөн үчүнчү күнү берилген мөөнөттүн акыркы мөөнөтүнө чейин өкмөт түзө албагандан кийин, «Израилде» сентябрь айында кайрадан шайлоолор өткөрүлөрү күтүлүп жаткан «Израилдеги» абалга токтолуп мындай деди: «Бул башаламандык» Биби шайланды. Азыр болсо, алар сентябрь айында кайрадан жалпы шайлоолорду өткөрүүгө камданып жатышат. Бул күлкү келерлик. Биз буга кызыкдар эмеспиз». («Россия сегодня», 03.06.19).

Трамп планын ушундай көрүнүштө даярдады жана аны менен кубанып сүйүнүчүнө чек жок болуп жатат. Трамп өзүнөн мурунку мамбашылар эки мамлекет чечимин ишке ашыра албай ийгиликсиздикке учурагандыктарын «кылым келишими» аркылуу ишке ашырып ийгилик жарата алам деп ойлоду... Аллахтын жардамы менен, Трамптын бул иши да эки мамлекет чечими сыяктуу ийгиликсиздикке учурайт**.**

**Үчүнчүдөн, келишимде камтылган нерселер ачык-айкын болбошу жана андан жылжып чыккан нерселер:**

1 – Фалестин мусулмандардын жүрөктөрүндө жана акылдарында маанилүү роль ойнорун Трамп унутуп же ага унутуруп жатышат. Мусулмандар Трамптын бул келишимин эч качан кабыл алышпайт,

тескерисинче аны четке кагышат. Ошого карабастан, Трамп эконмикалык долбоору аркылуу, ит жеминдей миллиарддары менен Фалестин элин азгырып өз планына макул кыла алам деп ойлоп жатат. Ошондуктан, ал планынын майда баратын ачыктаган жок жана Фалестин эли Трамптын келишимин кабыл алуулары үчүн абал жаратуу максатында Бахрейн конференциясын жолго салды!

2 – «Кылым келишиминен» жылжып чыккан нерселер. Ооба, бул жерде жылжып чыккан нерселер орун алды. Көрүнүп тургандай, бул жылжып чыгуулар максаттуу болгондугу жана «кылым келишимин» даярдоого жакындата турган нерселер экени көрүнүп турат. Бул жылжып чыккан нерселердин көпчүлүгүн «Израил Хайом» гезити 2019-жылы 27-майда жарыялады. Бул гезит Трамптын шайлоо кампаниясын күчтүү колдоого алган жана Нетаньяхуга жакын санаалаш катар эсептелген Шелдону Адельсонго таандык. Бул жылжып чыгуулар:

- Келишим. Келишим үч тараптуу ишке ашат: «Израил» – Азаттык уюму, Хамас жана Батыш Жээк, Газа тилкесинде «Израиль» жарандары мекен кылып албаган жерлерде жаңы пайда боло турган жаңы Фалестин мамлекети ортосунда түзүлөт.
- Жерлерди бошоттуу. «Израиль» тарабынан отурукташтырып алынган жерлер кандай болсо, ошондой калат жана бул отурукташуулар кеңейтилип бири-бири менен байланыштырылып «Израиль» колунда калат.
- Кудус. Кудус бөлүнбөйт. Ал «Израиль» жана Фалестин ортосунда шериктеш пайдаланылат. Андагы араб жашоочулар жаңы Фалестин аймагына көчүрүлөт. Яхудийлер көчүрүлбөйт. «Израиль» муниципалитети жаңы Фалестин билим берүүсүн кошпогондо Куддустун бардык аймагын өз ичине алып, анын жоопкерчилигин өзүнө алат. Жаңы Фалестин (Кудустагы имараттарды, жерлерди, сууларды пайдаландыгы үчүн) «Израиль» муниципалитетине салык төлөйт.

- Газа. Миср жаңы Фалестин үчүн фалестиндиктердин жашап калуусуна уруксат бербестен аэропорт, соода сатыктарын жүргүзүүлөрү үчүн ишканаларды курууга жерлерди берет.

- Аскер. Жаңы Фалестиндин өз армиясы болуусуна уруксат берилбейт. Курал-жарак бир гана коопсуздук кызматкерлерине берилет. Хамас бардык куралдарын тапшырат жана Хамастын ичиндеги жеке адамдар да куралдарын Мисрге өткөрүп берет. Хамастын адамдары мунун акысына араб мамлекеттеринен маяна алып турушат. Келишимден бир жыл өтүп Фалестин өкмөтүн түзүү үчүн шайлоолор өткөрүлөт. Шайлоолордон бир жылдан кийин бардык камактагылар үч жыл аралыгында акырындык менен чыгарылат.

- Беш жыл ичинде жаңы Фалестин үчүн деңиз портору жана аэропорттор курулат, ага чейин фалестиндиктер «Израилдин» портторун жана аэропортторун пайдаланат. Фалестин жана «Израиль» чек аралары достук мамлекеттери болуу үчүн ачык калтырылат... Батыш Жээкти жана Газаны бириктире турган бийиктиги 30 метрлик асма көпүрө курулат. Бул көпүрөнүн чыгымын 50% Кытай 10% Жапония, 10% Түштүк Корея, 10% Австралия, 10% Канада, 10% Европа жана Америка көтөрөт. Иордания өрөөнү «Израилдин» колунда калат, ошондой эле бүгүнкү күндөгүдөй 90 жолу төрт тараптуу жолго айландырылат жана анын бир тарабын «Израиль» көзөмөлдөйт. Калган Иордания менен Фалестинди байланыштырган эки бөлүгүнө фалестиндиктер ээлик кылат...

– Бул жылжып чыккан маалыматтар бейрасмий болгондугуна карабастан, алар Трамптын шайлоо кампаниясын күчтүү колдоого алган жана Нетаньяхуга жакын санаалаш катар эсептелген Шелдону Адельсонго таандык гезит аркылуу кабарланды. Ушулардан көрүнүп тургандай, келишимден жылжып чыккан бул нерселер Трамптын «ой толгоосун» чагылдырып турат. Мубарак жерге мындай деңгээлде кыянаттык кылууну кабыл алуу, кыянатчыл араб жана араб эмес мусулман акимдерине ордук кылуусу ачык көрүнүп турат. Алар эки мамлекет чечимин кабыл алышат, ал

дагы кыянаттык. Анткени, бардык Фалестин жери  исламий жер болуп саналат. Анын бир сөөм жери кемитилбестен өз ээлерине кайтарылып берилүүсү важиб. Эгер, мунун тескериси орун алса, анда ал кыянаттык болуп эсептелет. Фалестин жеринин басымдуу бөлүгү басып алынгандан кийин кандай эки мамлекет чечими болушу мүмкүн? Бирок, араб жана араб эмес мусулман акимдери бул чечимди кабыл алышып, бул кабыл алууларын, өздөрүнө уят катары саналып турса да Фалестиндин мамлекетче сөлөкөтү сакталып калышы менен өздөрүнүн кадамдарын акташат. Ал эми, Трамптын келишими аларга эч нерсе калтырбады. Трамптын кеңешчиси Кушнер мындай деди: «Кылым келишими эки мамлекет чечимин камтыбайт, ошондой эле Кудус түбөлүк «Израилдин» борбору болуп калат». («Би Би Си», 02.05.19). Ал тургай 12% эле калган Батыш Жээктин жерлери «Израиль» күч түзүмү астында калып, ал жерлерге яхудийлерди «отурукташтыруу» ишери уланууда.

**Төртүнчүдөн**, Трамптын келишими ийгилик табышы же таба албашынын чеги... ал тургай, аны көтөрүп чыгып жатканы, Трамптын ийгиликке жете албашы да күтүлгөн нерсе... «Трамп өзү да Америка ТИМи Майк Помпео Американын Жакынкы Чыгышта тынчтык орнотуу планы ийгиликсиз болот деп айтканда чындык бардай деп айтты.   «Вашингтон пост» Помпеонун Нью-Йоркто яхудий жетечилери менен жарыя кылынуусу көп жолу артка сүрүлүп жаткан Америка планы тууралуу сүйлөп жатып «келишим алга жыла албайт» деген цитатасын келтирди». («Израиль Таймз», 03.06.19).

Трамптын акылсыздыгы Фалестин сатылбастыгын жана сатылып алынбастыгын түшүнбөй жаткандыгында. Ал – мусулмандардын биринчи кибласы. Анын мечити Исламдагы үчүнчү чоң мечит жана Пайгамбар агаасманга көтөрүлгөни жери. Аллахтын жардамы менен аны мусулман армиясы азат кылат. Ал жерде Ислам байрагы желбирейт.  Трамп бүгүнкү күнү ит жеминдей миллиарддарга өз напсилерин сатып Ислам жерлерине

кыянаттык кылып жаткан рувайбиза акимдерди таап жаткан болсо, эртең яхудийлердин жана аларды колдоп-кубаттап жаткан колонизатор кафирлердин моюнуна кылыч чаба турган Халифалыктан башканы таппайт, ин шаа Аллах, андан соң крестүүлөрдөн Фалестинди азат кылгандай эле яхудийлерден жана аны колдоп-кубаттап жаткан колонизатор кафирлерден Фалестинны азат кылат. Эртеңдин таңы атышы абдан жакын. Бул иш Аллахтын жардамы менен албетте ишке ашат. Абу Хурайра Гдан айтты: Пайгамбар с.а.в. айтты:

**«لَا تَقُومُ السَّاعَةُ حَتَّى يُقَاتِلَ الْمُسْلِمُونَ الْيَهُودَ فَيَقْتُلُهُمْ الْمُسْلِمُونَ»**

**«Мусулмандар яхудийлер менен согушуп, аларды өлтүрмөйүнчө кыямат болбойт».** (Муслим риваяты)

﴿وَلَتَعْلَمُنَّ نَبَأَهُ بَعْدَ حِينٍ﴾

***«Анын кабарын бир аз убакыттан кийин албетте билесиңер»*** [38:88]

**24-шаввал, 1440-х.**

**27-июнь, 2019-м.**

## Нетаньяхунун Лондонго болгон кызыктай жана өзгөчө сапарынын артында эмне турат

**Суроо:** *Нетеньяху 2019-жылы 12-сентябрда «Израилде» шайлоолор кызуусуна эки жумадан аз убакыт калганда Москвага иш сапары менен барды. Андан мурда 2019-жылы 5-сентябрда тез аранын ичинде Лондонго иш сапары менен барган. Анын алкагында «Брексит» менен баш оорутуп жаткан Британия өкмөт башы Жонсон менен жолугушкан. Бул учурда Жонсон Британиянын ЕБден келишимсиз чыгып кетүү маселеси долбоорунда Британия парламенти тарабынан колдоо таппай арты-артынан ийгиликсиздикке учурап жаткан болчу… Бул иш сапарлардан көрүнүп тургандай, Нетеньяху бир нерсеге шашып жаткандай! Нетеньяхунун бул кызыктай жана өзгөчө иш сапарларынын*

*артында эмне турат? Бул, шайлоо себебтеринен уламбы же башка максаттар үчүн кылындыбы?*

**Жооп:**

Кырдаалга карала турган болсо, бул иш сапарлардан максат шайлоо эмес, Нетеньяхунун эл аралык иш сапарлары ага шайлоолордо ийгиликке жетишине өбөлгө жаратса да, эл аралык жана аймактык кырдаалга карата бул иш сапарлардагы максат шайлоо эмес. Муну ачык-айкын түшүнүү үчүн төмөндөгү нерселерге токтолуп өтөбүз:

Биринчиден: бул иш сапарлардын сүрөттөлүшү кызыктай жана өзгөчө деп так сүрөттөлгөн. «Израилдин» өкмөт башы Нетеньяху Британияны ЕБден 2019-жылы 31-октябрда келишим менен же келишимсиз эле чыгарып кетем деген убадасын өтөөсүнөн чыгара албай Британия парламенти тарабынан колдоо алууда арты-артынан ийгиликсиздикке учурап жаткан Британия өкмөт башы Жонсон менен жолугушту. Анын «Брекситтен» тышкары эл аралык маселелер менен баш катырууга чамасы жок, анын парламентеги кээ бир партиялаштары ага каршы чыгып жатышат. Парламент Брюссель менен келишүүгө добуш берет жана андан  мөөнөттү дагы үч айга артка жылдырууну талап кылууда. Британиянын Лордор палатасы Парламенттин токтомун тез арада бекетип берүүгө даяр. Аны иштен кетүүсүн талап кылган чакырыктар да чыга баштады... Нетеньяхунун кызыктай жана өзгөчө бул иш сапары Британияда иш жүзүндө ушундай кырдаал болуп жатканда орун алды. Бирок, маанилүү жана артка жылдыруу мүмкүн болбой турган иш болбогондо, бул иш сапар орун алмак эмес... Бул кызыктай иш сапардагы күңүрт дагы башка маселе бар, ал – Нетаньяху Лондондо Америка жооптуулары менен менен жолугушканы. «Брекситтен» кийин Британия менен Америка алакалары кандай болоорун, ошондой эле Британияда Кытайдын Huawei компаниясы 5G байланышын куруусу алкагында «Кытай таасири коркунучун» талкулоо максатында Американын вице-президенти Пенстин Британияга боло турган иш сапары 2019-жылы 14-августка

пландалган. Анын убактысы да белгиленбеген жана Америка вице-президентин Америка коргоо министири коштоп баруусу да айтылган эмес. Ошондой эле, Америка жооптуулары Лондондо «Израиль» өкмөт башы менен жолугары пландалган эмес. Ак үйдүн бул билирүүлөрүн 2019-жылы 14-августта «Аль-Ватан» гезити басып чыкты. «Би Би Си» билдиргендей Нетеньяху Америка коргоо министири менен жолугушту... Америка коргоо министри менен вице-президенти экөө тең Лондондо болгондугуна карабастан, Нетеньяху Америка коргоо министири менен жолугушканын бардык маалымат булактары ачыкташты, бирок анын вице-президент менен жолугушканы эч бир маалымат булагы тарабынан айтылбады. Бул нерсе Нетеньяху аны менен жашыруун жолугушкандыгын айгинелеп турат. Американын тышкы саясаттындагы пландары ачыкталбастыгы үчүн Пенстин бул жолугушуусу жашыруун  болгондой!

Экинчиден: бул кокустан болгон иш сапар бири-бирине байланышкан окуялар ортосунда орун алды:

1. Америка башка өлкөлөрдүн кемелерин коргоого алууну токтотту. Америка мамбашы Трамп «Америка Ормуз кысыгында деңиз кемелерин эч бир компенсациясыз бекер коргоого алып келүүдө» деп, «дүйнө өлкөлөрүн, айрыкча Кытай жана Жапониядан өз кемелерин өздөрү коргоого алуусун талап кылып нааразылыгын билдирди...». («TRT арбий», 29.07.19). Ошондой эле, Америка ТИМи Майк Помпео Британияга «өз кемелерин коргоону өз колуна алуусун» билдиргенин айтты. («Анадолу», 22.07.19). Муну менен Америка Иранга башка кемелерди кармоосуна шарт жараттып берди.

2. Британия эли 2016 жылы «Брекситке» добуш бергенден бери жана аны ишке ашуусу бүдөмүктү жаратып, Британия саясатындагы белгисиздикке карабастан, Британия саясатчылары маал-маалы менен ЕБдин чектөөлөрүнөн чыгып кетүү жана Британияны эркин көрсөтүү аракетин көрүшүүдө. Ошондуктан, Британия Иран-Америка алакаларындагы чыңалуудан, Американын өзөктүк келишиминен чыгып кетүүсүнөн, жана

Фарс булуңундагы кемелердин соккуга учурашынан пайдаланды. Британия ЕБдин багытына каршы иш алып барып 2019-жылы 4-июнда Гибралтарда Иран мунай тарткан кемесин кармап алды. Башкача айтканда, ЕБ Иран менен мамилесин жакшыртууга аракет кылып, өзөктүк келишимде Америка саясаты менен бирге эместигин көрсөтүп, Европа-Иран соода-сатыгын жакшыртуу, финансы алакаларын күчтөө аракетин көрүп жаткан учурда Британия ЕБдин бул багытына каршы иш тутуп, Иран менен чыңалуу абалын жаратты. Британия Американы Иран менен согушууга түрткөндөй болду. Айрыкча, Британия менен Ирандын ортосундагы чыңалуу тереңдей баштаганда Британия 2019-жылы 5-августта Ирандан анын «Грация 1» кемеси ЕБдин санкциялары алдында турган Сирияга бет албай турган кепилдигин алгандан кийин аны кое берди. «RT News» 2019-жылы 6-сентябрда Лондондогу «Жакынкы Чыгыш» сайтынан алып берген маалыматында: Бир топ көз боемочулуктан кийин Ирандын кемеси «Адриан Дария 1» болуп кубулуп Грецияга, кийин Түркияга, андан кийин Сирия жетти. Ирандын танкери Сирияга бет алышы менен Британияга берген кепилдиги менен аны бетине чапкандай эле болду. Ал тургай, Иран Британиянын «Stilo Ambro» танкерин азыркы күнгө чейин кармап бошотпой турат! Муну менен Британия экинчи жолу жаакка жегендей болду. Ошондой эле, Британиянын деңиз флотуна таандык «HMS Montrose» Ирандын Ислам революциясынын сакчылар корпусу (ИРСК) тарабынан көптөгөн кысымдарган тушуккан. Британия аскерий кемесинин командири Уилл Кингдин айтуусунда, «Британия кемеси Фарс булуңунда суусунда дээрлик күн сайын ИРСК тарабынан кысымга тушугууда». («Индепендент арабий», 03.09.19).

3. «Израиль» өзгөчө Сирияда жана Иракта Ирандын турумдарын бомбалоого алуусу:

А. Сирия козголоңунун жылдары «Израиль» Сириянын ичинде Ирандын турумдарын бомбалоого алды. Иран «Израилдин» бул соккуларына каршы

Жооп кылган жок. «Израиль» бул соккуларын дагы да улантып, Ирандын Ливандагы партиясынын («Хизбалланын») Сириядагы базаларын бутага алды. Иран Сириянын ичинде «Израилдин» сокку урганын четке какты. Кудум «Израиль» сириялыктарды же Ливандагы анын партиясындагы кишилерди өлтүрүүсү аны кызыктырбагандай түр жаратты. Иран «Израилдин» бул соккуларында Иран жараны өлгөн жок деген негизди бетке кармамыш этти. Акырында «Израиль» Сирия ичинде Иран аскерлерине карата маанилүү сокку ургандыгын жарыялады. ««Израилдин» аскерий өкүлү 2019-жылы 24-августа «Израиль» учактары Дамасктын жанында «Израилге» карата учкучсуз башкарылган учактарды учурууну пландап жаткан Иран куралдуу күчтөрүнө сокку ургандыгын билдирди». Армия өкүлүнүн билдирүүсүндө «Аскерий соккулар акыркы күндөрү «Израилге» карата Сирия ичинен сокку урууну пландап жаткан Файлак Кудус жана шиа жалданма аскерлеринин турумдарын бутага алган». Аскерий өкүл журналистерге берген маегинде, шиа күчтөрү «Израилге» карата «учкучсуз башкарылган учакттарды» учурууну даярдап жаткан деди. («Deutsche Welle», 24.08.19). «Израиль» түздөн-түз Иран күчтөрүнө карата мындай аскерий соккуларды узатуусу менен ага карата чакырык таштады, эгер, Иран буга каршы Жооп берсе, Иран менен «Израилдин» ортосунда согуш чыгат. Бирок, «Израиль» соккулары натыйжасында Иран жарандары курман болгондугуна карабастан, Иран добуш чыгарбады. «Сирия абсерваториясы Дамасктын жанында «Израиль» соккуларынан улам, Хизбалланын эки мүчөсү жана бир ирандык набыт болгондугун билдирди». («Арабий нет», 25.08.19). Бирок, Америка аны кошо тартып кете турган Иранды тосуп, аны «Израиль» менен согушуусунан кайтарып турат. Иран болсо, аба соккулары натыйжасында ирандыктардын набыт болгонун четке какты...

Б. Ал эми, Иракта 2019-жылдын августунан бери «Израиль» Ирандын курал-жарак кампаларын жана аскерий базалардагы эксперттерин бутага алды. Бул «Израиль» тарабынан Иранга каршы чоң эскалация кылгандык

болуп саналат. Мисалы, 2019-жылы 12-августта Ирактын түштүгүндөгү «Сакр» базасына болгон чабуул өткөн апталардагы үчүнчү чабуул болуп эсептелет. «Израиль» элдик күчтөрдүн-жалданмалардын дагы бир бөлүгү болгон Салахидиндеги «Шухада» лагерин бомбалоого алды. «Израиль» Ирандын курал-жарак кампаларын жана эксперттерин түздөн-түз бутага алды. ««Франс Пресс» агентиги Салахидиндеги полиция кызматкеринин сөзүн жарыялады: бомбалоого алынган жерлерди карап чыкканда ал жерде өлгөндөр болуп, эки ирандык аскерий инженер жарадар болду». («Араб 48», 12.08.19). Кийин «Израиль» 2019-жылы 25-августта Ирактын Каим шаарынын жака белиндеги аскерий лагерге жана аскерий унааларга чабуул кылды. Ирак кырдаалды жайгаруу максатында азыраак курмандыктар болгонун айтты. Иран курмандыктар болгонун айткан жок. Бирок, ачык-айкын көрүнүп тургандай, «Израиль» Иракта жана Сирияда Иранга карата ачыктан-ачык чакырык таштап жатат.

Үчүнчүдөн: жогоруда айтылып өткөндөрдөн ушуларды корутундулоого болот:

1. Британия Фарс булуңундагы кемелери Иран тараптан кысымга алынуусу жана танкери кармалып туруусу аркылуу Ирандан басмырланып калды. Ушунун баары Британияны Иран менен согушууга түртүүдө. Британия буга Американы кошо тартып, ага шерик болуп Ирандан өч алгысы келип жатат. Ошондуктан, Британия Иранга каршы тишин кайрай баштады. Ошондой эле, ал Америка коргоо министиринин билдирүүсүндөгү Иранга карата оптимисттик маанайды четке какты. «Америка коргоо министири Эспер Лондондогу Королдук Бириккен институтта мындай деди: «Иран акырындык менен биз сүйлөшө ала турган кырдаалга жакындап келе жаткандай. Иш мындан ары да ушундай таризде уланат деп ойлойбуз». Анын артынан эле пресс-конференцияда бул билдирүү эмнеге таянары тууралуу суралганда Эспер мындай деди: «Чоң жетилик саммитинен кийинки ирандыктар берген комментарийлерге негизделди». («Reuters», 06.09.19).

Британия Американын Иранга карата бул жакшы маанайын кыйытып болсо да четке какты. «Британиянын коргоо министири жума күнү Эспер менен бирге пресс-конференция берген учурда, эгер, Иран менен келишимге жетүү мүмкүн болсо, Британия, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн Америкага ар дайым жардам берерин айтты, бирок, баса белгилеп Иранга карата сөз жана иш-аракети негизинде өкүм чыгаруу зарыл экендигин билдирди». («Reuters», 06.09.19). Мына ушундайча Британия Иран менен болгон алакаларында чыңалуунун туу чокусунда турат. Ушуга негизделип Британиянын Иранга каршы согуш отун тутантууга мүмкүнчүлүктөрү бар. Британия «Израиль» менен ушул максатта бирге кадам шилтөөдө. Ал тургай, 2019-жылы 22-июлда Фарс булуңунда Британия танкерин Иран кармап алгандан кийин «Израиль» 24-августта Сирияда, 25-августта Иракта, Ливанда Ирандын аскерий турумдарына каршы соккуларын күчөттү. «Израиль» бул аскерий амалияттарын Британия менен шайкеш алып баргандай болду. Ошондуктан, Британия «Израилди» аймакта Иранга каршы согуш алып барууга түртүп, аны аскерий жактан каржылай турганы менен азгырып жатат деп айтуу да туура негизде.

2. «Израиль» Ирандын кубатынан коркот. «Израиль» бул согушка Американы да тартып, аны менен шериктеш аракет алып барууну калап жатат. Бирок, «Израиль» Америка Иранга каршы согушууну каалбастыгын, Иранга карата жумшак позициясын көрдү. Андан тышкары, Америка Иранды Фарс булуңунда аскерий жактан коркутууга алып, абалды чыңалтуудан эки максатты көздөп жатат: кемелерин коркунучка кептеп Европаны кыжаалатка салуу, кийин Иран аркылуу басмырлоо, аларды, айрыкча, Британияны өзүнүн саясатына ээрчитүү. Кэинчи максат: Фарс булуңундагы мамлекеттерди Иран коркунучунан коргоо шантажы менен алардан акча сыгуу. Фарс булуңунда чыңалуу жаратуу аркылуу Америка Иранга каршы согушууну каалап жаткан жок, балким, Американын Иранга карата мамилеси башка негизге курулган. Иран 2019-жылы 20-июнда Американын учкучсуз башкарылган учагын атып

түшүрдү, Америка буга сабырдуулук менен мамиле кылып, абалды жайгарып койгондугу Америка Иранга каршы согушуу ниетинде эмес экенин тастыктап турат. Кийин АКШ Иран каршы согуш жана Иран бийлигин кулатуу да жок деп бир нече билдирүүлөрдү берди. Андан тышкары, ар дайым Иран менен чыңалуу күчөп баштаганда Америка Иран менен сүйлөшүү өткөрүү зарылдыгын айтат. Жогоруда айтылып өткөндөй, Америка коргоо министири Эспер Лондондогу Королдук Бириккен институтта мындай деди: «Иран акырындык менен биз сүйлөшө ала турган кырдаалга жакындап келе жаткандай. Иш мындан ары да ушундай таризде уланат деп ойлойбуз». («Reuters2, 06.09.19). Мындан да жаркынырaагы, массалык маалымат каражаттарында Трамп менен Рухани Нью-Йоркто БУУнун Башкы Ассамблеясынын отуруму алкагында жолугушуп, сакциялар жана алакалар тууралуу талкуулашары күтүлүп жаткандыгын билдиришти. Ал тургай, кээ бир маалымат булактары муну келишим деп да атап жиберишти! «Америка менен Иран ортосунда келишим болуу ыктымалдуулугу Нетеньяхуну Москвага барууга түрттү. Маалымат булагы Америка менен Иран ортосундагы келишим «Ислам республикасы» өзөктүк долбоорун ишке ашыруусуна өбөлгө түзөөрүнө жана ага карата киргизилген санкциялардын алынып салуулары Нетеньяхуну тынчсызданып жаткандыгына ишаара кылды. Булак дагы мындай деди: ««Израиль» өкмөт башчысын өзгөчө тынчсыздантып жаткан нерсе – келечекте Иран ушул келишимдин негизинде Сирияга кирип келиши». («Ал араб», 09.09.19). Ушул нерсе Нетеньяхуну Орусиянын позициясын билүү үчүн Сочиге баруусуна түрттү. Эгер, Иран менен тирешүү жүз берсе, Орусиянын позициясы кандай болот, анткени, анын Иран менен келишимдери бар. «Нетеньяху Путин менен жолугуу үчүн Сочиге жөнөп кетер алдында мындай деди: «Бул сапар өтө маанилүү. Биз «Израиль» коопсуздугун кепилдөө максатында жана Ирандын бизге каршы коркунучуна каршы бир катар аянттарда 360 градус даражада иштерди алып

барабыз. Биз Иранга каршы иш алып барабыз...»». («Шаркул Авсат», 12.09.19).

3. Америка Британиянын «Израилди» Иранга каршы согушууга түртүп жаткан саясатынын кооптуулугун түшүндү. Бул согуштун запкысы Иранга эле чектелип калбастан, «Израилди» да өз кучагына алат, Америка «Израиль» согушуп жатса карап тура албайт... Америка 24-августта Сириядагы, 25-августта Ирак жана Ливандагы «Израилдин» аскерий амалияттарынан кийин бул нерсеге олуттуу карай баштады. Көрүнүп тургандай, Америка бул иш-аракеттерди ийгиликсиздикке учуратуу аракетин баштады. Америка «Израиль» өкмөт башчысынын Лондонго болгон иш сапарын билгенден кийин, ал негизинен аскерий пландоо менен алек болорун түшүндү. Себеби, Нетеньяхуну Улуттук коопсуздук кызматынын башчысы Меир Бен-Шабат, аскерий деңиз күчтөрүнүн командири Амикам Норкин, армия жетекчиси генерал-майор Аарон Халева коштоп барган. Британия менен аскерий план алып баруу – Британия «Израилге» Кипрдеги «Акротири» жана «Диклиа» аскердик базасынан пайдаланууга уруксат берерин же Британия күчтөрү бул эки базадан жашыруун түрдө «Израиль» күчтөрүнө жардам берерин билдирет. Британиянын – Ирандын ага карата кылыктары үчүн – мындай кадамга барышы акыйкаттан алыс эмес. Америка муну билгенден кийин Нетеньяхунун бул иш сапарын ийгиликсиздикке учуратуу аракетин көрдү. Америка Нетеньяху менен жолугушуу жана «Израилдин» коопсузудугу үчүн эмне зарылдыктар бар экендигин билүү, ошондой эле Ирандын коркунучунан кооптонуп жаткандыгын да угуу максатында өзүнүн коргоо министрин Лондонго жиберди. «Израилди», кандай коркунуч болбосун, коргоого алары менен тынчтандырып, Британия менен аскерий пландоо иш-аракетинен кайтаруу максатында Америка ушул кадамдарды ишке салды.

Төртүнчүдөн: Нетеньяхунун Британия болгон иш сапарындагы максат Американы да катышууга аргасыз кылып Иранга каршы аскерий эскалация

кылуу амалияттарын карап чыгуу үчүн баргандыгы басымдуулук кылат. Британия Кипрдеги аскерий базаларына таянуу аркылуу же ушул сыяктуу нерселер менен «Израилди» азгырууну дагы улантуусу күтүлөт... Британия өзүнүн таасири астындагы, айрыкча, Иордания, БАЭ сыяктуу өлкөлөргө зарыл каражаттарды берүү аркылуу ишин улантат. Мунун каршысында Америка аймакта Иранды жана анын тарапкерлерин күчтүү чатак чыгып кетишине алып барбай турган деңгээлде жооп кайтарууга мажбурлоону улантат т.а. бул ондогон жылдардан бери «каршылык көрсөтүү огу» алектенип келген нерсе: «Биз талап кылынган орунда жана саатта жооп беребиз». Мындан тышкары, Америка 2012-жылдагыдай «Израиль» армиясындагы таасири аркылуу согушту токтотуу аракетин да кылат. «Израиль» маалымат каражаттарынын маалыматына ылайык, 2012-жылы «Израиль» Иранга сокку уруу үчүн ага тыңчылык кылган, ал эми, Америка «Израилдин» Иранга каршы планын билүү жана андан кайтаруу үчүн ага тыңчылык кылган. Бүгүн да дал ушундай көрүнүш. Эгер, Америка Британия тутантууну каалап жаткан согушту токтотууда басымдуу тарапты ээлей албай калса, анда, Британия бир тараптан «Израилди» каражаттар жана колдоо менен Иранга каршы азгырып, экинчи тараптан Иранды согушка түртүп, кырдаал жарылуу чегинде турат. Америка абал туруктуу болушу үчүн ушул эки тарап менен иш алып баруу аракетине түшөт!

Ал эми, Нетаньяхунун Орусияга болгон сапарынын максаты Британияга болгон сапарынын максатынан айырмаланат. Биринчи сапарда Нетеньяхунун Британия менен Иранга каршы шайкеш аракеттерди алып баруусу жана бул аракетке Американы да тартуу максат кылынган. Ал эми, Орусияга болгон иш сапарда Ирандын Сирияда болуусу жана анын ракетасы тууралуу Орусиянын позициясын билүү максат кылынган. Ошондой эле, «Израиль» Иранды Сириядан чыгаруу, же, кеминде, Ирандын баллистикалык ракеталарын «Израилге» жете албай турган аралыкта Фалестин чек арасынан алыс жайгаштыруу үчүн Орусиянын Иранга «жумшак» басым жасоосун

көздөп жатат. Орусияны Иранга каршы койуу көздөлгөн эмес. Иранга каршы Орусия менен «Израилдин» ортосунда координация болуусу күтүлбөйт.

Бешинчи: сөз акырында, мусулман өлкөлөрүндөгү рубайбиза акимдер колонизатор кафирлерге мүмкүнчүлүк берип жатышат, алар мусулман акимдеринен уруксат сурап да олтурушпайт. Колонизаторлор мусулмандардын маселелерине аралашууда, мусулмандардын кызыкчылыктарын көз жаздымда калтырып, өз кызыкчылыктарын ишке ашыра турган пландарды түзүшүүдө. Ал эми, мусулман өлкөлөрүндөгү ыкластуу мусулмандар акыйкатка чакырган, мусулмандардын көйгөйлөрүнүн акыйкат чечими болгон шарий чечимди ишке ашыра турган, Исламий жашоону кайра тикелей турган Халифалыкты тикелөө үчүн партия же жамааттарды түзүшсө, алар мыйзамыз саналып куугунтукка алынып, түрмөгө ташталып азапталып жатышат. «Өзгөлөргө марттык, өзгө жаттык кылган мезгил». Бирок, албетте Аллахтын жардамы менен акыйкат келип, батыл жок болот.

***«Жакында залим кимселер кандай акыбетке карап бара жатышканын билип алышат»*** [26:227]

***«Албетте мында*** *(билгич)* ***жүрөк ээси болгон же өзү күбө болуп жаткан абалда кулак салган киши үчүн эскертме-үлгүлөр бар»*** [50:37]

**14-мухаррам, 1441-х.**

**13-сентябрь, 2019-ж.**

## Газадагы согуштан кийин Америка менен жөөт вужудунун пландары жана чечим

**Суроо:** ***Кылмышкер Батыш жана Американын колдоосу менен яхудий вужудунун Газа калкына каршы кыргыны беш айдан бери уланып жатат. Курмандыктардын саны жүз миңден ашык шейит жана жарадарларга жетти. Имараттардын көбү талкаланды. Газа согушунан кийин маселени чечүү долбоорлору жана Америка баштаган колонизатор***

***мамлекеттердин пландары боюнча саясий талкуулар күчөдү. Бул пландардан жана чечимдерден эмне күтүлөт? Батыш жээктин ошол бойдон калышы жана Газанын аскерий басып алынуусу күтүлүп жатабы? Же Батыш жээк ушул абалда калып, Газа эл аралык жана араб башкаруусу алдына берилеби? Же Батыш жээги сыяктуу Газа да өзүн-өзү башкарып калабы? Туура чечим кандай болот?***

Жооп: Жогорудагы суроолорго жооп берүүдөн мурун, биз төмөнкүлөрдү карап чыгабыз:

Биринчиси: Мубарак Палестинага байланыштуу айрым маанилүү темаларга токтолобуз:

1-Белгилүү болгондой, Британия тышкы иштер министри Бельфурдун 1917-жылдын 2-ноябрында Лорд Ротшильдге жазган катындагы Бельфур декларациясында британ өкмөтү Палестинада жөөттөрдүн улуттук мекен түзүлүшүнө колдоо көрсөткөнү маалым. Бул убада айрым араб жана түрк жетекчилеринин кыянаты себептүү Биринчи дүйнөлүк согушта жеңилген Усманий Халифалыктын соңку күндөрү берилген. Мындан бир нече жыл мурун, Британия колдогон сионисттик журналдын өкүлү Герцл 1901-жылы 18-майда Усманий Халифага өтүнүч менен кайрылып, ошол кездеги мамлекет башынан өткөрүп жаткан финансылык кризисти өз кызыкчылыгына пайдаланууга аракет кылган. Тагыраагы, Халифалыктын тышкы карызын жабуу үчүн чоң суммадагы акча сунуштаган. Мунун каршылыгында Палестинадан жер берүүнү сураган... Бирок Халифа АбдулХамид Герцлге ачууланып, таасирдүү жана даанышмандык менен жооп кайтарган: “Мен Палестина жеринен бир карыш да сата албайм. Анткени ал менин укугумдагы мүлк эмес. Тескерисинче, Ислам үммөттүнүн мүлкү. Мусулмандар бул жерлерди каны менен алган. Еврейлер миллиондорун өздөрүнө сактасын. Эгер бир күнү Халифалык ыдыраса, ошондо Палестинаны бекер эле алышыңар мүмкүн. Бирок, мен тирүүмдө денебиздин майдаланышына жол бербейм...” Халифа кыраакы жана көрөгөч

эле. Чындыгында анын көз карашы өз тастыгын тапты. Халифалык ыдыргандан кийин Палестина яхудийлерге бекер берилди!

Палестинанын басып алынышы ушундай башталды. Халифа АбдулХамиддин (Аллах аны ырайымына алсын) айткан сөзү ишке ашты. Арабдардан жана түрктөрдөн чыккан кыянатчылардын колу менен Англия башында турган Батыш тарабынан (хижрий - 1342, миладий - 1924-жылы) Халифалык кулатылды. Мамлекеттин кулашы артынан Палестинада мутант бир жөөт вужуду (барган сайын кеңейген) иш жүзүндө курула баштады.

2-Америка Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин иш жүзүндө эл аралык майданга чыкты.

1947-жылы ноябрда Палестинанын бөлүнүшү боюнча Коопсуздук Кеңешинде №181 резолюциянын чыгышына активдүү салым кошту. Америка яхудий сионизмин түптөөдө Британия жана Европа менен атаандаша баштады. Байден еврейлердин Ханукка майрамына байланыштуу Ак үйдө өткөн иш-чарада сүйлөгөн сөзүндө мындай деди: “Сионист болуу үчүн жөөт болуу шарт эмес, мен да бир сионистмин” (Шарк аль-Авсат, 12.12.2023). “Аксо бороону” операциясынын артынан 2023-жылдын 18-октябрында Тель-Авивге барган Байден ал жердеги расмий өкүлдөр менен болгон жолугушууда мындай деди: "(Израиль) жөөттөр үчүн кайрадан коопсуз жер болушу керек. Эгерде (Израил) жок болсо, кайрадан аны орнотууга мажбур болмокпуз". Ал АКШ Конгрессинен ушул аптада (Израилге) болуп көрбөгөндөй жардам пакетин сурай турганын айтып мындай деди: “Биз бүгүн да, эртең да, эч качан эч нерсе кылбай карап турбайбыз”... (Аль-Жазира 19.10.2023). Бул болсо согуш Американыкы экенин, яхудий вужуду тышкы колдоосуз, өзгөчө чектелбеген Американын колдоосусуз согушту уланта албашын ачык көрсөтүп турат. Анткени, яхудийлер табиятынан согушка өз алдынча туруштук бере албаган бир вужуд. Алар өзүнүн ийгиликсиздигин өз колу менен жасап жатат. Алар согуш калкы эмес. Күчтүү жана Кудуреттүү Алла айткандай, адамдардын жардамсыз согушууга кудурети жетпейт.

﴿ضُرِبَتْ عَلَيْهِمُ الذِّلَّةُ أَيْنَ مَا ثُقِفُوا إِلَّا بِحَبْلٍ مِنَ اللهِ وَحَبْلٍ مِنَ النَّاسِ﴾

“Алланын арканынан жана адамдардын арканынан башканы кармаган чакта, алар кайда барбасын кордук жазылды” (Аали Имран: 112).

Алар Аллахтын арканынан эбак эле үзүлүшкөн. Алар кармаган Америка менен Европанын арканы менен мусулман өлкөлөрүндөгү чыккынчы малай акимдердин арканы калды. Бул акимдер мусулмандарга карата болуп жаткан ырайымсыз баскынчылыкты шал абалда карап турушат. Алардын эң жакшысы шейиттерди жана жаракат алгандарды саноо менен убара! Байдендин сөздөрүнөн Америка жөөт вужудун өзүнүн негизги таянычы катары көрүп жатканын, ал аркылуу Ислам үммөтүнүн биримдигине жана Халифалыктын тикеленишине тоскоол болуу үчүн пайдаланып жатканын да билдирет.

3-Яхудий вужуду Газадан 2005-жылы 15-августта чыгып кеткенден бери бир нече ырайымсыз кол салууларды уюштурду.

2023-жылдын 7-октябрында душмандын мурдун сындырган “Аксо бороону” операциясында мужахиддер алардын чептерине кирип барып, жүздөгөн жоокерлерин өлтүрүп, 1200гө жакынын туткунга алды. Натыйжада, душман Газага болуп көрбөгөндөй жапайы чабуулун улантты жана ал 5 айдан ашык убакыттан бери уланууда. Имараттарынын көпчүлүгүн талкалап, ооруканаларды бутага алды жана бейтаптарды өлтүрүүдө. Мусулмандарды тирүүлөй оор машиналар менен сүрдүрүп, Газа эли баш калкалаган мектептерди талкалады. Көпчүлүгү жаш балдардан жана аялдардан турган шейиттердин саны 31 миңден, жарадарлардын саны 70 миңден ашты. Душмандар муджахиддерге басым өткөрүү үчүн жардам, тамак-аш, суу жана негизги товарлардын калкка жетүүсүн токтотуп, алар камактагы туткундарды бошотушу үчүн ачка калтыруу саясатын жүргүздү. Бул согуш ачык эле кыргын салуучу согуш болду. Ал бул кылмыштарды кылууда Америка жана Европанын колдоосуна таянды. Батыш лидерлери жөөттөрдүн Газага каршы

жүргүзүп жаткан кыргын салуу согушунда колдоосун көрсөтүү үчүн Тел-Авивге агылып келишти.

4-Араб жана Ислам өлкөлөрүндөгү режимдердин сүкүт сактоосу да аларды шыктандырды.

Айрымдары армияларды Газа калкын колдоо үчүн мобилизациялоонун ордуна, мужахиддердин чабуулун айыптап, эч нерсе болбогондой яхудий вужуду менен мамилелерин улантышты. Аны менен алакаларын мурда жана кийин нормалдаштыргандар келишим жана макулдашууларды жокко чыгарышкан да жок. Мисалы, Египет режими менен “Кэмп-Дэвид”, Иордания режими менен “Вади Араба” сыяктуу келишимдер жокко чыгарылган жок. А түгүл, минималдуу согуш абалын да жасашкан жок. Тескерисинче, Түркиянын транспорт министри Абдулкадир Оралоглу 2024-жылдын 11-январында мойнуна алгандай, жөөт вужуду менен болгон соода алакаларга жөөт вужудунун ырайымсыз кыргындары таасир эткен эмес. Анын айтымында, 2023-жылдын 7-октябрынан 31-декабрына чейин 701 кеме түрк портторунан (Израилге) жөнөтүлдү. Бул күнүнө орточо эсеп менен 8 кеме товар экспорт кылынганын билдирет” (Al Jazeera 11.01.20240. Бул өлкөлөрдүн кээ бирлери жөөт вужудунун Газага каршы агрессиясына жооп берүү бул жакта турсун, өз аскерлерине колдоо көрсөтүү үчүн яхудий вужудуна согуш жарыялоого да батына албады. Маселен, яхудий вужуду Сириядагы Иран базаларын бутага алып, көптөгөн аскерлерин өлтүрдү. Бирок, Иран ага согуш ача алган жок!

5-Америка жөөт вужудунун бардык баскынчы аракеттерин колдоп, коргоо менен бирге эки мамлекет чечимине көңүл бура баштады.

Бирок, Америка өзүнүн моралдык деңгээли бар сыяктуу аны жоготуп алуудан корккондой көрүнмөкчү болуп жатат! Байден: "6-октябрдагы окуяга кайра кайтуу мүмкүн эмес. Бул “Хамас” (израилге) каршы чабуулду мындан ары кыла албашын камсыз кылууну билдирет. Ошондой эле, кризис аяктаганда, андан кийин эмне болушу керектиги тууралуу көз карашты

билдирет. Биздин көз карашыбызда, эки мамлекет чечими ишке ашуусу керек жана бардык тараптар ушунун айланасында биригиши зарыл” (CNN American веб-сайты 25.10.2023). Ал 2023-жылдын 12-декабрындагы билдирүүсүндө: “Биз (Израилди) колдогонубуздан улам эл аралык майданда Американын моралдык көрсөткүчүн жоготуу коркунучу бар”, - деди (Al Jazeera 12.12.2023). Бирок ал Американын учурдагы саясатын баса белгилеп: "(израилди) эч качан таштабайбыз жана аны коргоо критикалык маанилүү”, - деди. Ошондой эле, кандай гана кырдаал болбосун (израилге) курал-жарак колдоосу улана турганын, темир купол коргоосуз калбай турганын кошумчалады. (MSNBC Channel American, 09.03.2024). Мына ушундайча, Нетаньяхунун Байдендин шайлоодогу атаандашы Трамп менен алакасы жакындыгына карабай, Америка жөөт вужудун колдоп-кубаттоодо.

6-Америка айрыкча, Саудиянын яхудий вужудун таанып, аны менен нормалдашуусун камсыздоо менен эки мамлекет чечимин кабыл алдырууга аракет кылууда.

Саудиянын тышкы иштер министри Файсал бин Фархан Аль Сауд Давосто өткөн конференцияда мындай деди: “Палестина кризиси чечилсе, Сауд Арабиясы (Израиль) менен тынчтык мамилелерин түзүшү мүмкүн...” (Independent, 20.01.2024). Буга чейин Сауд режиминин мураскор ханзаадасы Бин Салман 2023-жылдын 21-сентябрында американын “Fox News” телеканалына берген маегинде: “Биз күн сайын (Израиль) менен мамилени нормалдаштырууга жакындап баратабыз” - деген. 2023-жылдын 26-сентябрында Палестина автономиясынын президенти Махмуд Аббас Рамалладагы штаб-квартирасында жөөттөрдүн байкоочу пункту аркылуу Батыш Жээкке келген Сауд Арабиянын элчиси Наиф Аль-Судайрини Палестинадагы атайын ыйгарым укуктуу элчи жана Иерусалимдеги башкы консул деген шылтоо менен кабыл алды. Башкача айтканда, аны жөөт вужуду менен нормалдашуунун башталышы катары кабыл алды!

Экинчиси: Газа согушу аяктагандан кийин Американын жана яхудий вужудунун пландарынан күтүлө турган нерселерге келсек, мунун жообу төмөнкүдөй:

1-Эки мамлекет чечиминин алкагында Газа тилкесин Палестина башкаруусуна өткөрүп берүү.

Бул чечимди Америка иш жүзүндө эмес, сөз менен талап кылууда, башкача айтканда, сөз оюнун кылып жатат. Байден Палестинанын эгемендүү мамлекет болушун эмес, куралсызданышын каалап жатат. АКШнын президенти Жо Байден жума күнү (Израиль) премьер-министри Биньямин Нетаньяху менен болгон телефон сүйлөшүүсүндө, эки мамлекет чечим маселесин талкуулаганын жана ал бул чечимге каршы эместигин билдирди. Ал журналисттердин суроолоруна жооп берип жатып: "Эки мамлекет чечиминин түрдүү модели бар. Бириккен Улуттар Уюмуна мүчө болуп, өз куралдуу күчтөрү жок болгон бир нече өлкө бар", - деди (Al Jazeera 04.01.2024). Башкача айтканда, Байден куралдуу күчтөрү жок бир катар өлкөлөр тууралуу айтты! Бирок, яхудий вужуду Американын бул планына да макул эмес. "Анадолу" агенттиги уюштурган пресс-конференцияда Нетаньяху, Тель-Авив "Бир тараптуу Палестина мамлекетинин курулушун кескин түрдө четке кагаарын" баса белгиледи... (Анадолу, 18.02.2024).

Кандай болгон күндө да Америка админстрациясы сунуш кылган эки мамлекет чечими Америкадан олуттуу буйрук болмоюнча ишке ашырылышы мүмкүн эмес. Байдендин админстрациясы Нетаньяхуга жана анын өкмөтүнө АКШда боло турган президенттик шайлоодон улам басым көрсөтө албай жатат. Анткени ал шайлоодо яхудийлердин добушуна жана шайлоо өнөктүгү үчүн яхудий лоббилеринин акчасына муктаж. Айрыкча анын атаандашы Трамп яхудий вужудунун күчтүү колдоочусу болгондуктан, буга батына албай жатат. Европа менен Британияга келсек, алар Американын артынан ээрчишти.

Мусулман өлкөлөрүндөгү акимдердин эки мамлекет чечимин талап кылышына келсек, алар күнкарама, аскерлеринен куру калган б.а. өзүн өзү башкарууга окшогон Америка чечимин колдогон чыккынчылар!

2-Яхудий вужудунун Газа тилкесин кайрадан басып алуусу.

Улуттук коопсуздук министри Бен Гвир менен экономика министри Смотрич бул планды өзгөчө колдогондордун арасында. Бул эки ашынган оңчул министрлер баскынчы аскерлер менен бирге жөөт жарандары да Газанын ичинде болушун жана муну аймакты көзөмөлгө алуунун бирден-бир жолу катары сыпатташууда. Нетаньяхунун оңчул коалициясындагы кичине бир улутчул партияны жетектеген Бен Гвир конференцияда сүйлөгөн сөзүндө ушундай деди: “Эгер кайрадан 7-октябрдагыдай окуя болушун каалабасаңар, анда аймакты көзөмөлгө алуу үчүн үйгө (Газага) кайтуу керек ( Reuters, 29.01.2024). Бирок Америка да, жөөт коомчулугу да бул пикирди колдобойт. АКШнын мамлекеттик катчысы Энтони Блинкен шаршемби күнү жасаган билдирүүдө: “(Израил) азыр Хамаска каршы жүргүзүп жаткан согуш аяктагандан кийин Газа тилкесин кайрадан басып албашы керек", - деди. Ал согуштун артынан кандайдыр бир өткөөл мезгилге муктаждык бар экенин кошумчалап, “Биз кайрадан басып алууну туура көрбөйбүз жана (Израил) лидерлеринен угушумча, алардын Газаны кайра басып алуу ниети жок”, - деди (Аль-Хура, 08. 11.2023). Себеби, Газанын аскерий жактан кайра басып алынышы яхудий вужудуна оор жоготууларды алып келет, аскердик жана экономикалык чыгымдарга туш болот.

3-Хамастын Газадагы көзөмөлүн улантуусу.

Америка, Европа жана жөөт вужуду Хамастын Газада бийликте калышын каалабайт. Анткени, Хамастын калышы 7-октябрдагы чабуулдардын кайталанышына алып келишин жакшы билишет. Блинкен бул тууралуу Токиодо журналисттер менен болгон маалымат жыйынында мындай деген: “Хамас Газаны башкарууну уланта албайт. Аанткени, бул 7-октябрдагы окуянын кайталанышына гана жол ачат (https://www.state.gov, 08.11.2023). Ал

эми Галант, “Хамас согуштан кийин Газа тилкесин көзөмөлдөбөйт жана Тель-Авив аймакты эл аралык коалиция аркылуу башкарууга даярданууда”, - деди (Анадолу, 18.12.2023).

4-Газа тилкесиндеги коопсуздукту яхудий вужудунун армиясынан эл аралык коалицияга өткөрүп берүү.

Медиадагы кабарлар, айрыкча кээ бир америкалык саясатчылар Газада араб жана башка өлкөлөрдөн түзүлгөн эл аралык коалиция иш алып барышын талкуулап жатат... “Wall Street Journal” гезитинин жазышынча, (израил) менен тынчтык же нормалдашуу келишимине кол койгон араб өлкөлөрү Газага коопсуздук күчтөрүн киргизүүсү үчүн дипломатиялык аракеттер жүрүп жатат. Бирок, бул айрым өлкөлөрдүн же уюмдардын административдик жоопкерчилик жана коопсуздукту көзөмөлдөөсүн талап кылат”. Газета айрым араб коңшу өлкөлөрдүн көз карандысыз Палестина мамлекетин курууда узак мөөнөөттүү максатка зыян жеткиришинен корккондуктан, башкарууда рол аткаруу маселесинде ыргылжың болуп жатканын кошумчалады... (Аль-Хура, 11.03.20230. Андан кийин талкуу кайталанып, “Russia Today” бул теманы 2023-жылдын 4-декабрында кайрадан төмөнкүчө жарыялады: “Вашингтон Газа тилкесиндеги коопсуздукту (Израиль) армиясынан айрым араб өлкөлөрүнөн түзүлгөн эл аралык коалицияга өткөрүп берүүнү колдойт. Бирок, (Израил) Бириккен Улуттар Уюмунун тынчтык орнотуучу күчтөрүн согуш аймагына киргизүү сценарийине макул эмес. Анткени, бул уюмдун (Израилдин) кызыкчылыктарын коргоосуна ишенбейт”.

5-Газадагы жарандык башкарууну Батыш жээкке кошпостон, палестиналыктарга өткөрүп берүү. Бирок Батыш жээктегидей эле коопсуздуктан яхудий вужудунун жооптуу болуусу.

“Аль-Жазира” 2024-жылдын 27-февралында жарыялаган кабарына ылайык, 23-февралда жөөт вужудунун премьер-министри Биньямин Нетаньяху Газа боюнча “Эртеңки күн” планын Коопсуздук жана саясий

иштер боюнча министрлер кеңешине сунуштады. Нетаньяхунун өкмөт мүчөлөрүнө сунуштаган планында Газа тилкесинин келечегине байланыштуу көптөгөн деталдар камтылган. Ага ылайык, коопсуздук тармагында (израил) Газа тилкесинин бардык аймактарында чектөөсүз аскерий жана коопсуздук аракеттерин жасоого укуктуу болот. Газада 1948-жылы басып алынган аймак менен Палестина чек арасын бойлой коопсуздук тилкеси курулат. А түгүл, Газа куралсыздандырылып, коомдук коопсуздукту сактоо үчүн талап кылынгандан башка бардык аскердик мүмкүнчүлүктөр чектелет...”.

6-Жогоруда айтылып өтүлгөн Америка жана яхудийлердин пландары карап чыгылса, ишке ашырыла турган эң ыктымалдуу иш 5-пунктта айтылган нерсе экени көрүнөт.

Башкача айтканда, Газа Батыш жээк менен бириктирилбейт. Болгону, коопсуздук жана аскерий чектөөлөрү окшош болот. Ал эми, “израил” болсо Газанын бардык аймактарында чектөөсүз аскерий жана коопсуздук аракеттерине ээ болот. Айрыкча, жөөттөр ушул эле планды Батыш Жээкте ишке ашырып келе жатат. Нетаньяхунун бул планды америкалык аткаминерлерге сунуштаганы жана аны алар жактырганы кабарланган. “Нетаньяху даярдаган план Американын Жакынкы Чыгыштагы туруктуу планына дал келгендиги маанилүү. План боюнча Вашингтон менен тыгыз байланышта болгон (израилдин) согуш кабинетинин мүчөсү, стратегиялык иштер министри Рон Дермер аркылуу Америка менен кеңешилген” (NTV, 31.01.2024). Башкача айтканда, Америка Нетаньяхунун планы менен алдын ала кабардар болгон.

Байдендин эки мамлекет чечими жөнүндөгү билдирүүлөрү да мындан көп айырмаланбайт. Байден журналисттерге берген билдирүүсүндө, 1-пунктта айтылгандай, Бириккен Улуттар Уюмуна мүчө болгон бир нече өлкөнүн өз куралдуу күчтөрү жок экенин, бул эки мамлекет чечимине өрнөк боло турган моделдердин бири экенин айткан (Al Jazeera. 04.01.2024). Башкача айтканда, Байден куралдуу күчтөрү жок моделдеги мамлекетке

ишара кылды! 2-пунктта айтылгандай, согуштун артынан кандайдыр бир өткөөл мезгилге муктаждык болушу мүмкүн"... (Аль-Хура, 08.11.2023). Башкача айтканда, эки мамлекет чечими алдында өткөөл мезгил болушуна Американын эч кандай каршылыгы жок.

Үчүнчүсү: Ишке ашуусу керек болгон туура шарьий чечим:

1-Жогорудагылардан маалым болгондой, Америка менен яхудий вужудунун планы боюнча Батыш Жээк жана Газа аймагы куралсыздандырылып, ал жердеги коопсуздук көзөмөлү яхудийлерге таандык болушу керек.

Бул жерде Америка каалагандай баскычма-баскыч Батыш жээк менен Газаны бириктирген бир мамлекеттин аты менен болобу же яхудий вужуду каалагандай баштан аяк Газа Батыш жээктен ажыратылган абалда аскерий күчсүз калтыруу аркылуу болобу, айырмасыз, коопсуздукту экөөндө тең жөөт вужуду камсыз кылуусу керек. Башкача айтканда, Америка каалагандай өткөөл мезгилде Батыш Жээк Газадан бөлүнгөн абалда болуп, кийин Газа куралсыздандырылгандан кийин Батыш Жээкке аскерий күчсүз абалда кошулушунда же Газа өзүнчө абалда куралсыздандырылышында айырма жок. Мындан көрүнүп тургандай, Америка менен яхудийлердин планы – бул уу жана Аллахка, Анын элчисине жана момундарга карата кыянаттык... Яхудий вужуду менен Американын муну пландап жатканы таң калычтуу эмес. Анткени алар Ислам жана мусулмандарга душман. Бирок, таң калычтуусу, мусулман өлкөлөрүндөгү жетекчилердин, өзгөчө Палестинага коңшу болгон мамлекеттердеги акимдердин эч кимисинин Газаны, анын калкын, Аксону жана анын айланасын коргоо үчүн аракет кылбашы. Алар яхудий вужудун түп тамырынан жок кылуу, андан соң Палестинаны толугу менен азат кылуу үчүн армияларды аракетке келтире албады. Мусулман армиялары ыйык жерибизди басып алып, элин андан кууп чыгарган душманга каршы согушуусу жана аларды мусулман калкты кууп чыккандай ыйык жерлерибизден кууп чыгууга татыктуу эмеспи? Алла Таала айтат:

﴿وَاقْتُلُوهُمْ حَيْثُ ثَقِفْتُمُوهُمْ وَأَخْرِجُوهُمْ مِنْ حَيْثُ أَخْرَجُوكُمْ﴾

“Аларды кайсы жерден тапсаңар, өлтүргүлө жана алар силерди кууп чыккан жерден кууп чыгаргыла” (Бакара: 191). Кантип эле бийликтегилер муну түшүнбөй жатат?! А бирок каапыр колонизаторлордун, өзгөчө Американын буйруктарына итааттары бекем. Алар кыйшык күрсүлөрүн сактап калуу үчүн анын эч бир буйругун артка кайтарбай жатышат.

﴾قَاتَلَهُمُ اللهُ أَنَّى يُؤْفَكُون﴿

“Аллах аларды (мунаафыктарды) жок кылсын (Ислам дининин далили ачык болуп, сыпаттары ачык болуп калгандан кийин, аларга зыян жана азаптан башка эч нерсе пайда бербеген куфрга) кантип жүз бурушат!” (Мунаафык: 4).

2-Бул согуш эки маанилүү нерсени ачыкка чыгарды: биринчиси, Аллах өз китебинде айткан жөөттөрдүн алсыздыгы жана ыпластыгы.

﴾ضُرِبَتْ عَلَيْهِمُ الذِّلَّةُ أَيْنَ مَا ثُقِفُوا إِلَّا بِحَبْلٍ مِنَ اللهِ وَحَبْلٍ مِنَ النَّاسِ﴿

“Алланын жиби менен адамдардан болгон жиптердин бирин карманбаса, алар кайда барбасын кордук жазылды” (Аали Имран: 112).

Пайгамбарларынан кийин Аллахтын жибин үзүшкөн жөөттөр үчүн Америка жана анын тарапташтарынын жибинен башка нерсе калган жок. Жөөттөр согушчан же жеңүүчү калк эмес.

Экинчиси, мусулман өлкөлөрүндөгү акимдердин кыянаттыгы. Алар эмне болуп жатканын күзөтүү менен гана чектелишти. Алардын эң даанышманы шейиттер менен жаракат алгандарды саноо менен алек.

﴾صُمٌّ بُكْمٌ عُمْيٌ فَهُمْ لَا يَرْجِعُونَ﴿،

“Алар (мунаафыктар) акыйкатты укпайт. Акыйкатты сүйлөбөйт жана көрбөйт. (акыйкатты билип туруп кайтып кетишкенден кийин) акыйкатка кайтышпайт” (Бакара: 18).

Бул эки маанилүү нерсе мусулман армияларындагы күч ээлеринен болгон ишенимдүү, ыкластуу, калыс адамдарды Палестинаны басып алган яхудийлерге каршы согушуу тууралуу Аллахтын өкүмүн ишке ашыруу үчүн жалпы мобилизация жарыялоого түртүшү керек.

﴾وَلَا تَهِنُوا فِي ابْتِغَاءِ الْقَوْمِ إِنْ تَكُونُوا تَأْلَمُونَ فَإِنَّهُمْ يَأْلَمُونَ كَمَا تَأْلَمُونَ وَتَرْجُونَ مِنَ اللهِ مَا لَا يَرْجُونَ﴿

“Куфрга каршы күрөшүүдө алсыз болбогула эгер силер кыйналып жатсаңар, алар да силер сыяктуу азап чегип жатышат. Силер алар үмүт кылбаган нерсени (Аллахтын ыраазылыгын бейишти) Аллахтан үмүт кылып жатасыңар” (Ниса: 104).

Качан Алланын буйруктарына амал кылынса, жөөт вужуду жок болууга мажбур. Анткени, алар Аллах Тааланын алдында согушта жеңишке жетүүгө татыксыз. Кийин Аллахтын убадасы орундалат.

﴿فَإِذَا جَاءَ وَعْدُ الْآخِرَةِ لِيَسُوءُوا وُجُوهَكُمْ وَلِيَدْخُلُوا الْمَسْجِدَ كَمَا دَخَلُوهُ أَوَّلَ مَرَّةٍ وَلِيُتَبِّرُوا مَا عَلَوْا تَتْبِيراً﴾

“Анан (Бани Исраил жер жүзүндө бузгунчулук кылуусу тууралуу) экинчи убаданын учуру келгенде, жүзүңөрдү жер карата турган жана мечитке (Куддуска) биринчи киргендей киришиңер үчүн жана текебердик менен (курган үй-жай, эгин талааларыңарды өзүңөр талкалашыңар үчүн (душманыңарды силерге үстөм кылабыз) (Исро: 7).

Демек, Газадагы бир тууганадарыңарга жардам колуңарды сунгула. Эгер мусулман өлкөлөрүндөгү ыплас режимдер силерге каршы турса, анда аларды түп тамыры менен сууруп салгыла... Алардын ордуна Аллахтын өкүмүн, Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) куш кабар кылган Халифалыкты тикелегиле.

« ثُمَّ تَكُونُ مُلْكاً جَبْرِيَّةً فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا، ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ، ثُمَّ سَكَتَ» مسند الإمام أحمد.

“Андан кийин жабыр көрсөтүүчү падышалык болот. Ал Аллах каалаганча болот, анан аны көтөрүүнү каалаганда аны көтөрөт. Анан пайгамбарлык минхажы негизинде халифалык болот. Анан унчукпай калды” (Имам Ахмад, Муснад).

Ошондо, халифа, анын жардамчылары жана эң жогорку чинден эң төмөнкү чинге чейинки Ислам аскерлери биринчи жеңиштен экинчи жеңишке карай такбирлер менен жүрүшөт. Үммөт да алар менен бирге такбир айтышат. Роббиси менен күчтүү, дини менен үстөм болушат.

Натыйжада, Ислам жерине эч бир душман өз таасирин, мамлекеттик көрүнүштү пайда кылууга батына албайт.

﴿وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ الْمُؤْمِنُونَ * بِنَصْرِ اللهِ يَنْصُرُ مَنْ يَشَاءُ وَهُوَ الْعَزِيزُ الرَّحِيمُ﴾

“Ошол күнү момундар Аллах жардам бергени себептүү шаттанышат. Ал кимге кааласа жардам берет. Ал улуу күч Ээси жана абдан Мээримдүү” (Рум: 5).

**1445-х 12-Рамазан.**

**2024-ж 22-март.**

***Жигиттер үчүн маалымат***

**Паттани каргашасы да Палестина каргашасынын дал өзү**

Паттани – Исламий жер. Аны англичандар – Британия колонизаторлугу Түштүк-Чыгыш региондорунан чыгып кетүүгө мажбур болгон соң – Малайзиядан бөлүп алып, буддист капырларга тартуулашкан.

Паттани аймагы коңшулаш Яло жана Эфтоло аймактары менен бирге Малайзиянын түндүк-батышында, Таиланддын түштүгүндө жайгашкан. Индонезиядан болсо аны кыска деңиз аралыктары бөлүп турат. Аердеги мусулмандардын саны он миллион болуп, Таиланд мамлекетинин карамагындагы бул Исламий аймак ызага уугуп, кайгыга баткан, анткени, Таиланддын элүү миллионго жеткен калкы буддизм динине этикат кылат.

Ал жерлик мусулмандар 1970-жылдары Таиланд мамлекетине каршы козголоң көтөрмөкчү болушту. Бирок, алардын козголоңу мусулмандарга кастыгы катуу болгон буддисттер тарабынан күч менен бастырылды. Мындай күчтүү кас-душманчылык буддисттерге мурунку англис колонизаторлору тарабынан сиңдирилген эле.

Мусулмандар дагы бир жолу козголоң көтөрүүгө урунушту. Бирок, мусулман боордошторунан, айрыкча, коңшулаш Малайзия жана Индонезиядан жардам колун суна турган адам табылбагандыктан, алардын бул козголоңу ийгиликсиздикке учурады.

Таиланд өкмөтү отуз жылдан бери Паттанини чеңгелинде мыкчып туруу үчүн бүткүл куулук-шумдук, күч-кудуретин ишке салып, көптөгөн ыкмаларды колдонуп келе жатат, мисалы:

1. Таиланддын түштүгүндөгү мусулман калкына ырайымсыз түрдө жырткычтарча мамиле кылып, мындай мамиле өкмөт күчтөрү мусулмандарга каршы колдоно турган – атүгүл, алар козголоңго катышпаган тынч калк болсо да – күндөлүк көнүмүш ишке айланды;

2. Таиланд күчтөрү мезгил-мезгили менен мусулмандарга карата массалык кыргын салууларды уюштурууда. Алардын эң соңкусу өткөн аптада болуп өттү. Анда Паттанинин куралсыз, тынч мусулман калкынан 84 киши өлтүрүлдү. Ошондо бир тайпа мусулмандар балдарынын камакка алынышына нааразылык билдирип, алардын азат кылынышын талап кылып чыгышкан эле. Таиланд полициясы муну күч менен бастырды. Бул нерсе таяктар менен сабап, уруп-тепкилгенден тартып, жылаңачтап машиналарга тыгып, үстүнөн от коюп жиберүүгө чейин жетип барды жана мунун акыбетинда 84 киши өлүп, абдан көп адамдар жаракат алды.

Бир нече ай мурун полициянын ырайымсыздыгынан коргонуу үмүтүндө мечитке кирип алган алган 100дөн ашык мусулманды тиш-тырнагына чейин куралданган капыр буддисттерден турган өкмөт күчтөрү – мечиттин да урматын тебелеп – ырайымсыздык менен өлтүрүшкөн.

3. Таиланд өкмөтүнүн Исламий аймактарды өз чеңгелинде кармап туруу үчүн колдонуп жаткан ыкмаларынын бири – ошол аймактардын Исламий демографиясын бузуу максатында таиланддык буддисттерди көчүрүп алып келип, Паттани, Яло жана Эфтолого жайгаштыруусу.

Кыскасы, биз Малайзиядагы табийгый кеңдиктерден ажыратылып ташталган он миллион мусулмандын башына түшкөн балээге күбө болуп турабыз. Бул болсо Палестина каргашасына абдан окшош. Бул эки каргашанын бири-бирине окшоштук жактарын кыскача келтирип өтөбүз:

1. Паттани аймагы Малайзияга карай созулган табийгый кеңдиктеринен ажыратылып, бүтүндөй жат-душман Таиланд мамлекетине колонизатор Британия тарабынан кошуп жиберилди. Так ушул Британия Палестинаны табийгый кеңдиги болгон Шам өлкөсүнөн ажыратып, жөөткө тартуулаган эле;

2. Башында Таиланд мамлекетин Британия өз бооруна алып, мүмкүнчүлүгүндөгү бардык нерселери менен колдоп-кубаттаган болсо, кийинчерээк бул мамлекетти Америка өз бооруна алып, бардык күч-кубат каражаттары менен камсыздады. Жөөт мамлекетине карата да дал ушундай болгон. Таиланд Америка менен Батыштын инвестицияларын тартууда дүйнөдөгү он ири мамлекеттин сабына киргенин о.э. Америка аны Азия жолборсторунун катарына кошмокчу экенин уккан адам кантип таң калбай коё алат;

3. Америка, Британия жана дүйнөлүк коомчулуктун – буддисттердин мусулмандарга карата кайта-кайта кылган жана кылып жаткан кылмыштарына унчукпай турушу, алардын – жөөттөрдүн мусулмандарга карата кылган жана кылып жаткан кылмыштарына унчукпай турушуна абдан окшоп кетет;

4. Америка жана Батыш буддисттер менен мусулмандар ортосунда, кудум Жакынкы Чыгыш регионунда жөөттөр менен мусулмандар ортосунда душманчылык үрөнүн себишкени сыяктуу, душманчылык уругун эгишүүдө. Себеби, Ислам дүйнөсүнө каршы күрөштө Америка менен Батыштын ордуна мусулмандарга каршы башка бир душман күчтөрүн бышырып-даярдап, мындан Ислам дүйнөсүнүн эң башкы душмандары болгон Америка жана Европага каршы согушуу үчүн биригип кетпеши, балким, анын ордуна майда душмандар менен убара болуп калышы көздөлүүдө;

5. Кыргындарды уюштурууда, бардык зордук-зомбулук жана куугунтуктоо ыкмаларын колдонууда таиланддык буддисттердин Паттанидеги баскынчылыгы жөөттөрдүн Палестинадагы баскынчылыгынан

эч бир айырмаланбайт. О.э. буддисттерди Паттаниге жайгаштыруу да жөөттөрдү Палестинага жайгаштыруунун дал эле өзү;

6. Мусулмандар акимдери Паттани калкына да, Палестина калкына да – ушул эки маселеде бир кыл коркоктук, тил бириктирүү, өз абалына жардамсыз таштап коюу менен тымтыйып туруп, башын ийип - жардам бербей жатышат;

7. Таиландга карата да, жөөт мамлекетине карата да кошуна мамлекеттер бирдей позицияда турушууда т.а. чегараларды жаап коюп, каршылык кыймылдарын куугунтукташууда, Паттани калкын да, Палестина калкын да кошуна мамлекеттерден бүтүндөй үзүп коюп, бир жерге топтоп, жөөт жана таиланддык душмандардын оозуна даяр сугум кылып беришүүдө.

Паттани менен Палестина калкынын ортосундагы, алардын башына түшкөн ушул эки каргашанын ортосундагы окшоштуктар мына ушулар. Айтор, жарааттын да, душмандын да, фитнанын да, кыянаттын да бирөө экендиги даана көрүнүп турат.

Ушундай болгон соң, табийгый түрдө бир суроо туулат, Паттани, Палестина, Кашмир, Чеченистан жана башка өлкөлөрдүн кордолгон, басмырланган мусулман калкы качанга чейин баш кесер душмандарынын зулуму астында күн кечирет? Душмандардын кыргынынан жапа чегип, жакынынан жардам сурап кылган бул элдердин чакырыктары качанга чейин өз куткаруучусун таба албай жүрө берет? Исламий Үммөт жардамсыз таштап коюлган боордошторун бар болгону нааразылык демонстрацияларын өткөрүү менен гана колдоп кубаттамакчы болгондо, аны Малайзия, араб мамлекеттери жана Пакистандагы акимдери сыяктуу чыккынчы акимдери бастырып таштап жатса, бул үммөт качанга чейин аларга унчукпай карап тура берет? Качанга чейин?!

Аллахым, Исламий Халифалык Мамлекетин тикелүү үчүн бизге мүмкүндүк бер, анткени, биздин азиздигибиз да, улуулугубуз да мына ушул мамлекетте. Мына ушул мамлекет аркылуу мазлумдардын жана

басмырлангандардын башындагы зулумду алып салып, баскынчылардын баскынына чек коёбуз. Паттани жана Палестинадагы басып алынган жерлерди азат кылып, мусулмандар өлкөлөрүнүн малай, тил бириктирүүчү акимдерин жок кылабыз. Аллахым, Сен бардык нерсеге кудуреттүүсүң. Өзгөчө, ушул мубарак ай дубалардын кабыл алынышы үчүн ылайыктуу.

**21-рамазан 1425-х.**

**5-ноябрь 2004-м.**

## Россия тууралуу берилген суроолорго жооптор

***Жигиттер үчүн маалымат***

**Путиндин саясий чабалдыгы:** Экинчи дүйнөлүк согуштун аяктаганынын жана нацизмдин үстүнөн жеңишке жетишилгенинин 60-жылдыгына карата өткөзүлгөн конференцияларга катышуу үчүн президент Буш Россияга келди. Жыйналыштарда Буш менен бирге 50 мамлекеттин жетекчилери да катышты. Буш ушул учурдан пайдаланып, жол улаш Балтика бою мамлекеттерине жана Грузияга тие өттү. Мындан аларды Америка саясаты менен дагы да бекемирээк байлоо жана орустарга каршы тукуруу көздөлгөн эле. Америка президенти Латвияда болгон чагында «Россия кошуна мамлекеттерде демократиянын кеңири жайылып жатканына тынчсызданбашы керек» деди. Россияны өзүнүн ички саясатында демократия жана эркиндикти дагы да күчөтүүгө чакырды.

Буштун үндөөсү менен Балтика бою мамлекеттери – Латвия, Литва жана Эстония – Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Советтер союзу алардын мамлекеттерин басып алганы үчүн, орустарды кечирим суроого чакырды. Нацизмдин жеңилиши алар үчүн коркунучтан кутулуу болбогонун, тескерисинче, ошол убактан баштап Советтер союзу алардын өлкөлөрүн басып ала баштаганын кайта-кайта эске салышып, Россиянын жинине тийишти.

Россия президенти буга кыжырланып, кечирим суроону четке какты: «Эмне, ар жылы, ар күнү кечирим сурай беришибиз керекпи?… Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Балтика бою мамлекеттеринин Советтер союзуна кошуп алынышы Сталиндин жекече демилгеси менен болгон. Анын бул токтому Союз элдеринин кызыкчылыктарына тескери эле». Путин бир нече күн мурун Советтер союзунун кулаганына кейип: «ХХ кылымда жүз берген эң чоң геосаясий каргаша» деген эле. Бул билдирүү Россиянын кийинки акыбалына карата ичинен күйүп жатканын көрсөтүп тургандай болду.

Грузия болсо Москва менен алаканы үзүп, орустарга Грузия жерлериндеги аскердик базаларын алып чыгып кетүүлөрү жөнүндө кескин талап койду. Саакашвилинин жаңы администрациясы бир да учурду өткөзүп жибербестен, ыңгайы келер замат орустарга Грузиядан базаларын алып чыгып кетүүлөрү жөнүндө талап коюуга адаттанып калган.

Мурунку Советтер союзунун курамында болгон төрт мамлекет өткөн айда өздөрүнүн Россия өкүмдарлыгындагы КМШдан чыккандыгын жана ДМШ (демократиялык мамлекеттер шериктештиги) түзгөндүгүн жарыялашты. Россия кол алдынан чыккан бул төрт мамлекет: Грузия, Украина, Молдовия жана Азербайжан. Алар Россиядан өз күчтөрүн мүмкүн болушунча тезирээк Грузия жана Молдавиядан бүтүндөй алып чыгып кетишин талап кылышты.

Москва конференциялары аяктаган соң, Буш Грузияга визит жасап, бул мамлекетти жана андагы демократияны көккө көтөрүп мактап, роза ынкылабын жогору баалап, аны ток сары түстүү Украина ыңкылабынын жана жашыл түстүү Ливан козголоңунун булагы деп этибар кылды. Грузия телевидениесине Грузиядагы Россия базалары проблемасын чечүүдө жардам берүүгө даяр экендигин жана Россия бул базаларды алып чыгып кетүгө ыраазы болгонун айтты.

Буш Балтика бою мамлекеттерине жасаган визити учурунда орустардын жинин ашыкча даражада келтирди. Айрыкча, анын берген билдирүүлөрү

орустарга эркиндик жана демократия жөнүндө сабак берүүгө, насаат айтууга окшоп калды. Бул нерсе Путинди кыйла тынчсыздандырды. Ошондуктан, Америка мамкатчысы Кондолиза Райс араны жумшартуу максатында: «Америка Россияга демократия жөнүндө сабак өтүп жатканы жок», - деди.

Путин жолугушуулардын биринде массалык маалымат каражаттары алдында «суук согуштун экинчи жолу кайтып келишине жол бербөө керек» деп билдирүү бериши менен өзүнүн саясий чабалдыгын көрсөтүп койду. Ал бул сөзү менен америкалыктар канчалык мурдун тыкса да, канчалык жинге тийсе да, канчалык бети жоктук кылса да, Россия аларга каршылык билдирбейт деп, аларды тынчтандыргандай болду. О.э. ал бул салтанаттарда «Ирак согушу ката болду, бирок, абал  турукташпай туруп Американын чыгып кетиши кырдаалды ого бетер татаалдантып жиберет» деп дагы бир жолу чабалдыгын көрсөттү. Ал муну менен Америка баскынчы күчтөрүнүн Иракта калышын колдоп кубаттады жана бул ишке мыйзамдуулук түсүн берди. Кийин болсо, Экинчи дүйнөлүк согушта нацизмге каршы күрөштө Россияга жардам беришкени үчүн Америка, Британия жана Францияга ыраазычылык билдирип, үчүнчү жолу чабалдыгын көрсөттү.

Путин бир нече апталар мурун, Россия экономикасын башкарууда дагы бир чабалдык кылып, ката кетирген эле. Россия Думасында сөз сүйлөп, Россиянын четке чыгып кеткен капиталдарынын Россияга кайтарылышына ыраазы болду. Бул капиталдар талап-тонолуп, чет элге алып чыгып кетилген эле. Алардын ээлерине, бар болгону, мыйзамдуу товарларга төлөнө турган катардагы бажы төлөмү гана шарт кылынды. Муну менен ал мыйзамсыз жол менен байлык жыйып, Америка жана Европадагы ашынган капиталисттер менен кызматташтык кылып жаткан орус мафиясына жан берди. Башкача айтканда, бул мафиянын капиталдарын Путиндин өзү актап, өзү мыйзамдаштырып берди. Бул жаатта аны оппозициячыл коммунисттик партиянын жетекчиси Геннадий Зюганов сынга алып, Путиндин сөзүн мындайча чечмеледи: «Россия өзүнүн азыркы бакшаруусу менен мурунку

таасиринин чоң бөлүгүн колдон чыгарды. Ал Африка, Жакынкы Чыгыш, Чыгыш Европадагы эле эмес, балким, Советтер союзундагы табигый таасирин да жоготту».

Путин өткөн айда жөөт мамлекетине жасаган визити учурунда да бир саясий чабалдык кылды. Ал Жакынкы Чыгыш проблемасын чечүү үчүн эл аралык конференция өткөзүүнү сунуштады да, муну Америка менен жөөт мамлекетинин четке какканын көрүп, сунушун кайтарып алды. Анын дагы бир чабалдыгы төмөнкүчө болду, Сирияга ракеталар сатуу келишиминге кол койду да, анан кайра Америка менен жөөт мамлекетинин басымынан кийин, Сирия президентинин сарайын коргоочу бир нече ракеталарды сатуу менен чектелип, бүтүмдүн чоң бөлүгүнөн баш тартты.

**10 рабиул-ахир 1426-х.**

**18-май 2005-м.**

***Жигиттер үчүн маалымат***

**Путиндин Россиядагы келечеги**

2008-жылы март айында Россияда президенттик шайлоо өткөрүлөт. Конституцияга ылайык, Путин президенттик мансапка өз талапкерлигин үчүнчү жолу коё албайт.

Бул жерде Путин кандай иш карманышы жаатында беш ыктымал бар. Алар төмөндөгүлөр:

1. Путин конституцияга өзгөртүү киргизет же президенттик система парламенттик системага өзгөртүлөт. Бул нерсе Путинге үчүнчү жолу өз талапкерлигин көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн берет.
2. Путин күчсүз талапкерлердин биринин жеңишке жетишине жардам берет жана кийинчерээк аны отставкага чыгууга мажбур кылат. Бул болсо Путинге жаңы шайлоолордо өз талапкерлигин коюуга кенен жол ачат.
3. Путин күчсүз талапкерлердин бирин жеңишке жетиштирип, ошондон кийин Россия менен Беларуссия ортосундагы союз маселесин

тездетет. Бул болсо Путинге жаңы мамлекет башчылыгы үчүн өткөрүлө турган шайлоодо өз талапкерлигин коюу мүмкүнчүлүгүн берет.

4. Путин күчсүз болбогон жана абдан күчтүү да болбогон талапкерди жеңишке жеткирет. Анын президенттик доору аяктагандан кийин болсо келерки шайлоодо өз талапкерлигин коёт.

5. Саясаттан таптакыр четтейт.

Эми биринчи ыктымалга келсек, Путин конституцияга өзгөртүү киргизилбешин, анткени, бул нерсе мамлекетке туруксуздук алып келет деп эсептешин көп жолу баса белгилеген. Ошондуктан, бул вариантка киришпеди.

Экинчи ыктымалга келсек, премьер-министр Михаил Фрадков 2007-жылы 12-сентябрда Путин менен болгон кезектеги учурашуудан кийин өзүнүн отставкага чыгышын билдирди. Мындан (анын отставкасынан) бир апта мурун, 2-декабрда парламенттик шайлоолор өткөрүү жөнүндө президент токтому чыккан болчу. Путин Виктор Зубковду премьер-министрликке алып келди. Ал күчсүз шахс болуп, мурун анын аты угулбаган. Ушул себептен улам, Зубков Путиндин орун басары болушу жөнүндө, ал президент болгондон кийин же ушул мансапта турууну улантып, бүтүндөй Путиндин колунда болушу же кыска убакыттан кийин отставкага чыгышы, бул болсо Путиндин дагы президенттикке келишине жол ачып бериши туурасында божомолдор пайда болгон эле. Бирок, ошого карабастан, Путин бул вариантка киришүүдөн да өзүн тыйды. Анткени, ал мамлекетте туруксуздук абалы вужудга келишинен жана мамлекеттин диктатура көрүнүшүндө көрүнүп калышынан коркту.

Үчүнчү ыктымалга токтолсок, Россия менен Беларуссия ортосундагы союз Путин доорунда көп жолу талкууланган эң кыйын маселелердин бири. Бул маселе Путин долбоору боюнча ички эгемендүүлүккө ээ региондордун укуктарын бекер кылып, кийинчерээк алардын автономиялуу башкаруусун жок кылуу, муну болсо ички башкарууга тиешелүү жалпы элдик референдум

аркылуу ишке ашыруу менен чечилиши керек. Бирок, ушуну да эстетип өтүү керек, Беларуссия азырга чейин орус акча бирдиги «рубль»га кирген жок. Бул болсо, ушул маселе жаатында олуттуу сөз жүргүзүүгө али эрте экенин түшүндүрөт. Ушуга ылайык, демек, бул ыктымал коммунисттик партиянын жетекчиси Геннадий Зюганов бир саясий тактика катары ортого таштаган бир ыктымал болушунан нарыга өтпөйт.

Төртүнчү ыктымалга келсек, Путиндин 2-декабрдагы парламенттик шайлоолордо өз талапкерлигин коюшу анын саясаттан кетиши тууралындагы ыктымалды жокко чыгарды. Бул шайлоолордун 64% көрсөткүчтө Путин партиясынын жеңиши менен аяктап, бул болсо Путиндин ишти президенттик шайлоолорго тийиштүү чечим боюнча улантууга катуу бел байлаганын баса белгилеп турат. Путин шайлоолордо жеңип чыгарына толук ишенген. Ошого карабастан, мунун иш жүзүндө жүз беришин күттү. Ал анчейин деле белгилүү болбогон Зубковду ашыра көрсөтүүгө киришти. Өз чечиминин табышмактуулугун улантуу жана бул жаатта билдирилген ыктымалдар менен пикирлер ката болуп чыгышы үчүн ушундай кылды. Парламенттик шайлоолордун натыйжасы мындай болду, 7%дуу шайлоо барьеринен төрт партия өтө алды. Коммунисттик партияны кошпогондо калган үч партия Путинпарас болчу. Коммунисттик партия Путинди тышкы саясат жаатында колдойт. Бул партия ички саясат боюнча да Путинге жалпысынан алганда катуу каршылык кылбайт. Буга кошумча түрдө, коммунисттик партия алган добуштардын көлөмү бул партия күткөн даражада болбоду. Бул болсо бул партиянын жок болуу дооруна киргенин көрсөтүп турат. Ошондуктан, демек, орус парламентиндеги олуттуу оппозиция жөнүндө олуттуу көрүнүштө сөз жүргүзүү мүмкүн эмес.

Шайлоолордун натыйжалары маалым болгондон бир аздан кийин эле Путин өзүнүн талапкери Дмитрий Медведев экенин билдирди. Ал президенттик канцеляриянын мурунку башчысы жана премьер-министрдин биринчи орун басары. Путиндин болочок талапкер жөнүндө жүргөн

талкууларда аты ортого ташталган премьер-министр Зубковдон жана мурунку коргоо министри Сергей Ивановдон көз жумушунун себеби Зубковдун абдан күчсүз жана Ивановдун абдан күчтүү экендигинде. Зубковдун күчсүздүгү анын Путин колундагы оюнчук деген тамга басылышына себеп болушу мүмкүн болсо, Ивановдун күчтүү экендиги Путиндин дагы өз талапкерлигин коюшун, же дагы президенттикке келишин, же анын өкмөткө болгон таасирин кооптондуруп коюшу мүмкүн эле.

Медведев болсо орточо талапкер. Путиндин сөзүнө ылайык, ал Медведевди 17 жылдан бери билет. Ал (Санан Угандын 2007-жылы 11-декабрда «www.turksam.org» сайтында басылган «Путиндин мураскору Дмитрий Медведев доорунда Россия менен Түркияны эмне күтүп жатат» деген макалада айтылышына ылайык) Путинге катуу байланган. Ал Ивановго окшоп өткүр мүнөздүү, кызуу кандуу эмес. Ал либерал караштарга ээ болгондуктан, Батыш ага оң назар менен карайт. Мындай салыштырмалуу эркин сыпаттар себептүү Путиндин колундагы оюнчук деген тамганы баса алышпайт.

Медведевдин сыпаттарынан төмөндөгү нерселерди түшүнүп алууга болот:

- Путин кайра дагы мамлекет башчысы болуу үчүн Медведевден президенттик мансаптан отставкага чыгууну талап кылышынын ыктымалы күчсүз ыктымал.
- Медведев Путинге жакын болгондуктан, демек, Путин доорунда өткөрүлгөн саясатта эч бир өзгөрүү болбойт.
- Медведевдин экономикалык, финансылык тармакка жана социалдык тармакка көбүрөөк этибар бериши күтүлөт. Анткени, анын аты социалдык проблемаларды чечүү үчүн жакында Путин алга сүргөн «улуттук долбоор» башына коюлган наамдардын бири.

- Медведевдин энергетикага тиешелүү орус саясатында өз салмагын көбөйтүшү да күтүлөт. Анткени, ал мурун «Газпром» компаниясынын президенттик мансабын ээлеген.

- Медведев мээлүүн либерал шахсияты менен айырмаланып тургандыктан, демек, анын Батыш менен, ошону менен бирге, Европа менен алакаларды бекемдеши жана Америка менен алакаларды жумшартууга аракет кылышы, бирок, ошол эле учурда, Путин таштаган кадамдардан артка кайтпашы да күтүлөт. Медведев артка кайтпай турган, баш тартпай турган ошол кадамдар арасынан мисал катары Россиянын 12-декабрда «АККА» келишимине карата берген түшүндүрмөсүн келтирүүгө болот. Бул түшүндүрмө Американын Кавказда өз саясий таасирин орнотуусуна, Каспий деңизи регионундагы саясатына жана Орто Азиядагы аскерий базаларына каршы билдирилген реакция болду. О.э. ал Чыгыш Европада Америка базаларынын курулушуна жана ракетага каршы коргонуу түзүмү (ПРО) орнотулушуна жол койбоо үчүн Европа мамлекеттеринин колдоосуна жетишүү максатында билдирилген реакция болуп калды. Россия «АККА» келишиминин бүтүндөй күчкө кирбеген абалда калып кетишин максат кылбаса да, бирок, ал бул келишимден «ага байланыштуу башка мамлекеттерди ушул келишимдин оңдоо киргизилген нускасына кол коюуга мажбурлоо» деген атама астында Америка долбооруна терс таасир өткөрүү үчүн пайдаланат.

Медведев талапкерлиги жарыя кылынгандан бир аздан кийин эле ал 12-декабрда эгер президент болуп шайланса Путинди премьер-министр кылып дайындоону сунушташын маалым кылды.

Бирок, ушуну да айтып өтүү керек, Россия, ошону менен бирге Путин күтүүсүз аракеттерге толтура. Ошондуктан, шайлоолор март айында өткөрүлүшү, Медведевдин Россия федерациясынын үчүнчү президенти болушу, Путин болсо өз бийлигин премьер-министр мансабынан туруп улантуусу анык болуп калган болсо да, бирок, бул жаатта толук бир

жыйынтык чыгарууга орун жок. Ушуну көрсөтүп өтүү керек, Россия жөнүндө сөз кеткенде дароо Путин элестетилишинен Россиядагы бирден-бир таасирдүү күч Путин деген жыйынтык чыгаруу туура эмес. Анткени, Путин – Россия ичиндеги күчтөр күрөшүндө бир топ генералдар, разведка жана коопсуздук кызматкерлеринин өкүлү. Алар орусча «силовики» деп аталып, алар бюрократиялык чөйрө менен союз түзүшкөн. Путин башчылыгындагы «силовик»тер Ельцин доорундагы либерал күчтөрдү жана байлар катмарын кол салуулар жана өздөрү жүргүзгөн «колго үйрөтүп алуу» саясаты аркылуу майдандан четтетишти. Ошондуктан, демек Путин толук бийликке ээ болгон диктатор шахс болгондон көрө көбүрөөк Россиядагы күчтөр күрөшүнөн жеңип чыккан элитанын бир күчтүү өкүлү. Ушуга ылайык, демек, Медведев атынын майданга чыгышына Путиндин жеке чечими деп эмес, балким, ошол элитанын биргеликте чыгарган токтому деп кароо керек.

**22-зул-хижжа, 1428-х.**

**31-декабрь, 2007-м.**

***Жигиттер үчүн маалыматтар***

**Американын Россия жана КМШга карата туткан саясаты**

Америка эркиндик, демократия, адам укуктары сыяктуу америкача маанидеги наамдар астында башка мамлекеттерге аралашуу жана алардын үстүнөн көзөмөл орнотуу жолун тутат. Ошондон келип чыгып, 1992-жылдын 3-январында Америка конгресси «Эркиндикти колдоп-кубаттоо мыйзамын» чыгарды. Кийинчерээк бул мыйзам Россиянын Балкан, Балтика бою жана Орто Азиядагы таасир күчүн муунтууга каратылган Америка тышкы саясатынын негизги таянычына айланды.

Мыйзамдын расмий наамы «Россия жана жаңы пайда болгон Евро-Азия демократиялык мамлекеттериндеги эркиндик».

Мыйзам аны иштеп чыккан Америка саясатчылары тарабынан көздөлгөн мамлекеттерди анык көрсөтөт. Анын үчүнчү беренесинде мындай делген: «Мыйзам көздө туткан максатка ылайык, мурдагы Советтер

союзунан бөлүнүп чыккан эгемендүү мамлекеттер төмөнкүлөр: Армения, Азербайжан, Белорусия, Грузия, Казакстан, Кыргызстан, Молдавия, Россия, Тажикстан, Түркменистан, Украина, Өзбекстан.

Мыйзамдын максаты, ушул мамлекеттерде эркиндик жана демократиянын кең жайылышын колдоп-кубаттоо о.э. алардын базарларын Америка компанияларына ачып берүү. Анда ушундай саптар бар: «Америка кошмо штаттары илгертен өз салттарына бекем берилгендиги себептүү жетишкен бир абалда турат. Ал демократиялык борборлорду түзүүгө жардам берүү, Америка соода коомунда соода жана инвестиция киргизүүгө үндөөчү факторлорду жаратуу аркылуу ушул багытта чоң көлөмдө кызматташтык кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Бул өнүгүүдөн келип чыгып жаткан оңтойлуу учурларды колдон чыгаруу Америка улуттук коопсуздугунун кызыкчылыктарына коркунуч туудурушу мүмкүн».

Мындан тышкары, мыйзам бул мамлекеттердеги экономикалык реформаларды жана демократияны өнүктүрүүдө айрым америкача кызматташтык көрсөтмөлөрүн берип барууга да кунт коёт. Мыйзамда көрсөтүлүшүнчө: «Төмөндө көрсөтүлгөн иштерди турмушка ашыруу максатында, мурунку Советтер союзунан бөлүнүп чыккан эгемендүү мамлекеттерди колдоп-кубаттоо президент өкүмүнө сунуш кылынган:

Биринчиден, демократия – бул төмөнкү факторлорго шыктандыруу аркылуу эркин демократиялык коомду тикелөө:

а) экономикалык, социалдык жана саясий көп кырдуулук;

б) эл аралык деңгээлде тан алынган адам укуктарын коргоо жана мыйзам үстөмдүгү;

в) демократия менен башкарыла турган өкмөт кеңселерин, анын ичинде мыйзамчылыкка жана шайлоого тиешелүү жараяндарды өнүктүрүү;

г) мамлекеттик башкарууну улуттук деңгээлде, өкмөттүк аппараттын өз ара мамилеси деңгээлинде, регионалдык жана жергиликтүү деңгээлде түзүү жана өнүктүрүү;

д) эркин жана көз карандысыз маалымат каражаттарын өнүктүрүү;

й) шайланган аскерий эмес жетекчилер тарабынан башкарылуучу активдүү көзөмөл аппараттарын түзүү о.э кошуун жана коопсуздук күчтөрүндө саясий эмес көзөмөл орундарын түзүү;

Экинчиден, эркин базар түзүмдөрүн о.э. эркин базар жана менчик секторлорду түзүү жана өнүктүрүү жеке менчикке негизделет. Бул иш төмөнкүлөрдү өз ичине алат:

а) кооперативдик копманияларды, улуттук банктарды, кесиптик кошуундарды өнүктүрүү;

б) статистикалык маалыматтарды топтоо жана талдоонун жолдорун жакшыртуу;

в) банк жана финансы түзүмдөрүнүн структурасын оңдоо же кайра түзүү;

г) пикирий мүлкчүлүктү коргоо».

Мыйзамда көрсөтүлүшүнчө, бул эгемендүү мамлекеттерге келип жаткан Америка жардамдары мына ушул максаттарды жүзөгө чыгарыш үчүн багыттандырылышы шарт.

Демократтар кеңсеси да, республикачылар кеңсеси да Россиянын Балкан, Кавказ жана Орто Азия мамлекеттериндеги таасирин бууп салууну көздөгөн саясатарын белгилеп алуу жана саясий манёврларды аткаруу үчүн мына ушул мыйзамдан пайдаланышты.

Клинтондун Югославияны майдалоо, Боснияны бөлүп жиберүү, Косового кол тийгизүү, Мелошивичти бийликтен кулатуу, Армян, Азербайжан проблемасына мурдун тыгуу сыяктуу бузгунчулуктары мына ушул саясатты көрсөтөт. Негизи, Клинтон администрациясы башка эгемендүү мамлекеттерде демократия жана эркин базар реформаларын күчөтүү үчүн үгүт-насаатка таянар эле. Бирок, эркиндикти колдоп-кубаттоо мыйзамы тээ Буш администрациясы бийлик башына келгенге чейин борборлошкон абалда көрүнбөдү.

Америка 2004-жылы Грузия жана Украинада козголоңдор уюштурду. Муну менен ал ушул мамлекеттердин саясий турмушу үстүндө Россия менен Америка ортосунда тагдыр чечүүчү согуш жүрүп жатканын туюндурду. Кийинчерээк Америка Кыргызстанда чыр-чатак уругун септи, бирок, мөмөсүн ала албады.

Буш 11-сентябрь окуяларынан пайдаланып, көптөгөн Орто Азия мамлекеттерин аскердик аба күчтөрү базалары жана башка аскердик уюмдар акысына Американын аскердик колдоп-кубаттоосуна жол ачып берүүгө мажбурлады. Ошого карабастан, анын биринчи администрациясы бул аймакта ишке ашыра алышы мүмкүн болгон иштер менен гана чектелген эле. Себеби, ал Афганистан жана Ирак окуялары менен алек болуп, башка эгемендүү мамлекеттерде бир да ийгиликке жетише албай калды.

Бирок, Колин Пауэлл менен Ричард Армитажды жаңы тайпага алмаштыруу менен Буштун кийинки администрациясы Россия жана башка эгемендүү мамлекеттерге карата бекем туруп, душмандык саясатын жүргүзө беришин жарыя кылды.

Кондализа Райстын мамлекеттик катчы болуп дайындалышы, мурунку соода өкүлү Роберт Зелликтин ага орун басар болушу, Американын НАТОдогу мурунку элчиси Николас Бернстин катчыга жардамчы болушу, улуттук коопсуздук кеңешинен келген Роберт Жозефтин ага кошулушу Американын Балкан, Балтика бою жана Орто Азияга өкүмдарлык кылууга өзгөчө көңүл буруп жатканын көрсөтүп турат. Райс, Зелли, Бернс жана кандайдыр бир деңгээлде Жозеф Россия иштери боюнча адистер болуп эсептелишет. Америка мамлекеттик департаментиндеги төрт жогорку мансапты Россия иштери боюнча адистердин ээлегенинен келип чыгып, келерки төрт жыл ичинде жогорудагы мамлекеттердин келечегин белгилөө жаатында Америка жана Россия ортосунда тагдыр чечүүчү согуш жүз беришин күтүүгө болот. Бул сөзүбүзгө Буш менен Райстын Россия жана анын эгемендүү мамлекеттерге өткөзүп жаткан таасири жөнүндөгү бир нече

сөздөрүн далил кылып келтиришибиз мүмкүн. 2005-жылдын 19-ярварындагы Райстын дайындалуусуна багышталган сенат жыйналышында Райс Белорусияны эркиндик мууздалып жаткан өлкөдөгү диктатуранын «алгачкы карлыгачы» катары эске алып мындай деди: «Белгилүү болгондой, алиге чейин биз жашап жаткан ааламда диктатура очоктору бар. Ушундай болгон соң, Америка – Куба, Бирма, Түндүк Корея, Иран, Белорусия жана Зимбабведе – ар бир өлкөдө зулум көргөн калк тарабында». Сөзүн Россияны сындоо менен улантып: «Күчтүн Россиядагы башка мекемелерге зыянкечтик кылуучу Кремлде борборлошуусу чыныгы проблема болуп саналат», - деди. «Буш администрациясы «Россияда демократияны коргоону Россия-Америка мамилелери келечегинин башкы фактору деп туюнтууну уланта берет», - деди ал.

Райс 2005-жылдын 5-февралындагы Туркияга болгон визити учурунда Россия тышкы иштер министри менен бирге өткөзүлгөн маалымат конференциясында Россияны дагы бир жолу сынга алып мындай деди: «Биз орустарга бул жөнүндө сүйлөөнү уланта беребиз. Эмнеге дегенде, биз анык ишенебиз, Россияда көбүрөөк демократиялык негиздердин жаралышы Россияны диктатор мамлекеттен демократиялык мамлекетке айландырат. Анткени, бул иш колдоп-кубатталат. О.э. Европа жана Америка демократиялары менен бекем мамилени пайда кылат». 2005-жылдын февралында Буш мындай деди: «Россияга ар дайым ушуну эстетип турушубуз керек, аны менен түзүп жаткан шериктештигибиз басма сөз эркиндигин, жандуу оппозицияны, бийликтин алмашып турушун, мыйзам үстөмдүгүн колдоп-кубаттайт. Америка жана ар бир Европа мамлекети Россия менен сүйлөшүү жүргүзүү учурунда демократиялык реформаны көңүл борборунда тутушу керек». О.э. Буш Россияны «демократияны сындырууга карай жүрүүдөн тыйылбаса, Америка анын дүйнөлүк соода уюмуна жана G-8ге (чоң сегиздик) мүчө болушуна каршы күрөшө берет» деп эскертти. Америка өзгөчө Путиндин күчтү борборлоштурууга, басма сөздү

муунтууга, байларды камоого, мунай компанияларын кадырсыздандыруу менен мамлекетке өткөзүүгө, чиновниктердин шайлоолоруна аралашууга урунууларын кыжырлануу менен каралап жатат.

Американын Россияга жана анын КМШ мамлекеттерине өткөзүп жаткан коркутуусуна карата мындай душмандык позициясын тутушунун себеби, өзүнүн жакынкы күндөрдө энергия проблемасына туш келип калышынын анык экендиги. Эмнеге дегенде, Иактагы согуш жана энергияга болгон жогорку даражадагы талаптар себептүү Америка комнаниялары Буш администрациясын керектөөлөрдү кандыра турган даражадагы жаңы энергия булактарын табасың деп кысымга алууда. Ошондуктан, Америка Каспий деңизиндеги энергия запастарын колго киргизүүгө о.э. аларды ташып кетүү тармактарына жеке өзүээлик кылууга абдан муктаж. Ал үчүн Кавказ, Балкан, Балтика бою жана Орто Азия мамлекеттери Россия көзөмөлүнөн азат болуп, Америка коопсуздугу жана экономикасы алкагына кириши керек болот.

Бул алкактын негизги саясаттары 1992-жылкы эркиндикти колдоп-кубаттоо мыйзамында өз көрүнүшүн тапкан. Бул мыйзам Американын Каспий деңизинде үлкөн энергия запастарына жана аларды ташып кетүүгө жеке кожоюндук кылууга умтулушуна ачыктык киргизет.

Мыйзамда көрсөтүлүшүнчө: «Соода компанияларын өнүктүрүү комиссиясы Америка компанияларынын мурунку Советтер союзунан бөлүнүп чыккан эгемендүү мамлекеттердеги энергия базарына жарып кирүүлөрү керек о.э. алардагы компаниялар менен өз ара долбоорлор түзүүгө мүмкүнчүлүк жаратып берүү үчүн энергия тармагында иш алып баруучу эл аралык укуктан пайдаланышы лазым».

Америка малайларды ишке салуу, аскердик эмес уюмдар ичине жарып кирүү, эркин басма сөзгө мүмкүндүк жаратып берүү, саясий оппозицияны колдоп-кубаттоо, элдерди Россияга жан тартуучу режимдерге каршы тукуруу үчүн «Фридом Хаус»  (Азаттык үйү) сыяктуу бейөкмөт уюмдар аркылуу миллиондогон долларлар сарптады. Бир эле Кыргызстандагы демократиялык

долбоорлор үчүн 2004-жылы бөлүнгөн каражат 12 миллион доллар деп болжолдонууда. Америкадагы капиталисттер жана компаниялар мына ушул кыялый демократиялык коомдорду колдоп-кубаттап жатышат.

Мисалы, «Азаттык үйү», «**Ford**», «**Soros**», «**Unilever**» трансулуттук корпорациялары, Америка эл аралык өнүгүү агенттиги, Америка мамлекеттик департаменти жана Американын жергиликтүү «Whirlpool» компаниясы тарабынан колдоп-кубатталууда. Фридом Хаустун президенти – ЦРУнун мурунку директору Жейм Вулси болуп, ал ашынган неоконсерватор катары таанымал. Алардын чыныгы ниеттери элдерди Россияга жан тартуучу режимдердин муунткуч режимдеринен азат кылуу эмес. Балким, экономиканы азат кылып, аны Америка көзөмөлү астына таштоо жана муну менен Америка компанияларынын бул өлкөлөрдөгү байлыктарды талап-тоноп кетишине мүмкүндүк жаратып берүү.

Америка менен Россия ортосунда КМШ үстүндө жүрүп жаткан согуш келерки айларда дагы да күч алышы күтүлүүдө.

**20-рабиул-аввал 1426х.**

**29-апрель 2005м.**

## Кандализа Райстын Орто Азия сапары тууралуу

**Суроо:** *Райс 2005-жылдын 13-14-октябрында Орто Азияга сапар кылып, ал жердеги мамлекеттердин президенттери менен жолугушту. Сапарынын аягында, 2005-жылдын 15-октябрында Россия президенти менен да жолугушту. Сапардан кийинки билдирүүлөргө караганда, Америка мурунку Советтер союузу республикаларынын көпчүлүгүндөгү жүрүштө ийгиликсиздикке учурагандай көрүнөт. Мунун мааниси Россия Грузия жана Украинаны колдон бергенден кийин, колунан чыгып кеткен демилге тизгинин кайрадан кармады дегениби?*

**Жооп:** Советтер союзу кыйрагандан кийин Америка СНГ мамлекеттерине (Армения, Азербейжан, Белоруссия, Грузия, Казакстан, Кыргызстан, Молдова, Россия, Тажикстан, Түркмөнстан, Украина,

Өзбекстанга) этибар бере баштады. Союздан мурдараак чыгып кеткен Балтика бою мамлекеттери да ушулардын катарында эле. Американын бул этибары союз кыйрагандан кийин эле, аныгыраагы, 1992-жылы 3-январда Америка конгресси чыгарган эркиндикти колдоп-кубатоо мыйзамынан башталды. Мыйзам эки маанилүү ишти өз ичине алган эле. Биринчиси – бул өлкөлөргө таасирин алып кирүү жана анын базарларын Америка компанияларына ачып берүү үчүн ыкма катарында эркиндик жана демократиянын жайылышын колдоп-кубаттоо. Экинчиси – Американын Каспий деңизи жана Кара Деңиздеги үлкөн энергия запастарына, о.э. алардын керектөө базарларына жеткезип берилишине жалгыз кожоюндук кылууга кызыгышы. Ал көбүрөөк болжолду Орто Азия жумурияттарынан баштады.

Бирок, Клинтон администрациясынын доорунда мыйзамдын аткарылышы суз барар эле. Буш дооруна келип, айрыкча, анын экинчи президенттик доорунда анын жемиши көрүнө баштады. Анткени, мамлекет катчысы мансабындагы Кондолиза Райс Россия иштери боюнча адис эле. Мындан тышкары, анын орун басары Зеллик жана жардамчысы Николас Бернстер да Россия иштери боюнча адистер эле. Бул жемиштин биринчи белгилери мурун Грузия, кийин Украинадагы түстүү козголоңдор болду.

Бул эки козголоң Американын аппетитин ачып жиберди. Ал Россия дарбазаларын катуу кага баштады. Мунун үстүнө бир аз мурунураак 11-сентябрь окуяларынан пайдаланып, Өзбекстан, Кыгызстан сыяктуу Орто Азиянын айрым мамлекеттеринде базалар куруп алган эле. Булардын баары аны алдыга – түстүү козголоңдорду көчүрүп өткөзүүгө үндөдү. Бирок, Россия бул түстүү козголоңдор оюнун түшүнүп калып, Кыргызстанда Американын жолун тосту жана позицияны кармап калууга жетишти. Кийин Өзбекстан, Тажикстан, Казакстан жана Түркменстан президенттерине эркиндик жана демократияны колдоп-кубаттоо туурасындагы Американча ураандардан максат, аларды бийликтен оодарып, ордуна Грузия жана Украинада болгондой түстүү

козголоңдор тибиндеги кандидаттарды алып келүү деп көңүлдөрүнө дүрбөлөң сала баштады. Мындан тышкары, Россия Өзбекстанда Каримовду Анжиян окуяларында текшерүү комиссиясын түзүүнү талап кылып жаткан Америка жана Европа союзуна каршы колдоп кубаттады. Ошондон кийин 2005-жылы 23-сентябрда Россия менен Өзбекстан биринчи жолу ортоктош аскердик машыгуулар өткөздү. Бул иштер Россия үчүн күч борборлорун пайда кылган болсо, Американын жолуна тикенден тосук пайда кылды. Кала берсе, Россия менен бул республикалар ортосундагы нефть, газ камсыздоо сыяктуу айрым экономикалык алакалар Советтер союзу доорунан бери улантылып келе жаткан эле.

Мунун натыйжасында 2005-жылдын июлунда Өзбекстан Америкадан аскердик базасын алып чыгып кетишин талап кылды да, мунуң үчүн алты ай мөөнөт берди. 1995-жылы негиз салынган Америка «Интерньюс» өкүлканасын жабууга токтом кылды. Кийин Тажикстан сентябрь айында Американын аскердик база курушуна эч качан уруксат бербөөсүн жарыя кылды. Бул жарыя Американын өз аскердик базасын Өзбекстандан Тажикстанга көчүрмөкчү экендиги жөнүндөгү кабарларга раддия эле. Мунун үстүнө, Тажикстан Россиянын Душанбеде алты миң аскерге ылайык жаңы аскердик база курууга уруксат беришин билдирди. Бул процесстер натыйжасында Россия мурун батына албаган иштерге батына турган болду. Орус жооптууларынын Орто Азиядагы Америка аскердик базалары жана алардын регоиндо калышына чек коюу жөнүндөгү билдирүүлөрү кулакка чалына баштады. Россия тышкы иштер министри Сергей Лавровдун 2005-жылы 17-октябрдагы билдирүүсү буга мисал. Ошондон кийин Шанхай шериктештик уюму 2005-жылы 26-октябрда Москвада жолугушуу өткөздү. Алардын отчётторунан региондогу Америка базаларынын турушуна каршы күчтүү таасир өткөзө ала турган аскердик союз түзүү үчүн изденгендери көрүнүп турар эле.

Ушул иштер себептүү Америка Орто Азияда курган имараты кулашынан коркуп калды да, бир рече багыттарда кызуу аракет кылды. Райс 2005-жылы 13-октябрда Казакстан, Тажикстан, Кыргызстандарга, 15-октябрда болсо Россияга жаңыча ыкмада сапар кылды. Ал Грузия жана Украина козголоңдоруна окшогон каршы күчтөрдү жүзөгө келтирүү менен алектенет. Дал ушул убакытта бул мамлекеттердин президенттерине жакындашып, алардын Америкага карата болгон кабатырларын жок кылууга урунат. Башкачараак кылып айтканда, Райс өзүнүн билдирүүлөрүндө бул мамлекеттердин президенттери менен боло турган мамилелери жана алар менен биргеликте пайдаларды жүзөгө чыгаруу менен эркиндик жана демократия ураандарын ушул даражада челештирип жиберди, натыйжада оппозиция аларды ойлонуштуруп көрө турган болуп калды. Мисалы, Казакстанга сапар кылганында, оппозиция Американын бул президенттер менен боло турган кызыкчылыктарын демократиялык өзгөртүү үстүнө куруп жаткандыкта айыптап, өкмөттөр шериктештигинде киргизилип жаткан үлкөн Америка инвестицияларын мисал кылып келтирген эле. Райс аларды четке какты.

Бул бир тараптан. Экинчи тараптан Америка Каспий жана Кара Деңиз регионунда союздар түзүүгө этибар берип калды. Ушул деңиздер айланасында жайгашкан Россия менен Ирандан башка мамлекеттердин аскердик машыгууларын көзөмөлдөдү. Аларга Азербейжан, Болгария, Грузия, Казакстан, Молдова, Руминия, Түркия, Түркмениcтандарды да кошту. Бул союздардан анын максаты эски жана жаңы борборлорду жүзөгө келтирүү жана аларга таянып, Орто Азиядагы колунан чыгып кеткен кайсы бир мамлекетке кирип баруу эле.

Кыскасы, Америка менен Россия ортосундагы Орто Азия тuурасында жүрүп жаткан күрөш кызуун түс алган. Экөөсү тең өздөрүнүн таяныч жана кызыкчылыктары бар экендигин өтө жакшы билишет. Бири да региондогу бардык аркандарды өз колуна алган жок. Райстын сапалары эки мамлекетти

бири-бирине байлоо оюнунун бир бөлүгү эле. Ал басым берүүчү аракетти пайда кылды окшойт. Россия дагы кайрадан эсептеше турган болуп калды. Ошондуктан, Америка президентинин улуттук коопсуздук иштери боюнча кешеңчиси Стивен Хедли 2005-жылы 24-октябрда Москвага сапар кылганда Россия тышкы иштер министри Лавров өзүнүн мамлекети жана Америка Кошмо штаттарынын мурунку Советтер Союзу республикаларындагы абал тууграсында өз ара пикир алмашууну активдештирүүгө ниет кылганы жөнүндө билдирүү жасады. Т.а. тизгин бир токтомго келбей, дагы эле эки мамлекет отосунда сендиректеп жүрөт.

### КМШдагы төңкөрүштөрдөгү АКШ таасири тууралуу

**Суроо:** *Американын мурунку Советтер союзу жумуриятгарында кылып жаткан аракеттери этибарды тарта турган даражада тездеп кетти. Түстүү козголоңдун ар түрдүү көрүнүштөрү жүзөгө келип жатат. Бүгүн Кыргызстанда, кече Украинада, андан мурун Грузиядагы кырдаалдар ушуну көрсөтүп жатат. Ушул жерде бир суроо туулат: Эмне үчүн Россия Американын мындай киришүүсүнө унчукпай жатат? Же ал өз чегарасына жашырынып алып, мурунку Советтер союзу, азыркы эгемендүү мамлекеттердин шериктештиги жумуриятгарына кызыкпай койгонбу?*

**Жооп:** Россия Американын мурдагы союз жумуриятгарына аралашуусуна этибар бербей жатат деген сөз туура эмес. Ал этибар берип жатат. Этибар бергенде да, артыгы менен этибар берип жатат! Бирок, бул аралашууларды токтотуп калуу Россиянын ыктыярындагы иш эмес. Ал токтотуп калууга аракет кылып жатат, бирок, эптей албай жатат. Советтер союзу кулагандан кийин Америка Россиядагы саясий жана экономикалык туруксуз абалдан пайдаланып, өз малайларына жана борборлоруна ээ болду. 2001-жылы сентябрь окуяларынан кийин бул ишти дагы да күчөттү.

Өз кезегинде Россия Американын аралашууларына каршы турду. Каердедир ийгиликке жетишкен болсо, каердедир ийгиликсиздикке учурады.

Натыйжада, Америка бүгүнгө чейин Грузиядан башка жерден орус таасирин сууруп ала албады. Украинага өз агенти Юшенкону презиндент кылып дайындоого жетишсе да, (ошондо да анын айрым ыйгарым укуктарын Россия таасири менен белгилеп) Россиянын Украинадагы кызыкчылыктары анчалык деле зыян көргөн жок. Анткени, Украинанын негизги бөлүгү, айрыкча, Чыгыш Украина өзүн Россиянын бир бөлүгүмүн деп эсептейт жана ага жан тартат. Кала берсе, Украинага Американын таасири кирген болсо да, андагы Россия таасири бүтүндөй жок кылынганы жок, тамырлары дагы эле сакталып турат.

Кыргызстанда болсо, Россия Американын аракетин бир апта да өтпөстөн туруп жокко чыгарды. Мунун баяны төмөндөгүдөй:

Белгилүү болгондой, Кыргызстан Кытайга чегаралаш экендиги жана Россияга жакындыгы менен Американын этибарындагы мамлекет. Сентябрь окуяларынан кийин бул этибар дагы да күчөп, Афганистанга чегаралаш болбосо да, афган согушу шылтоосу менен ал жерде аскердик база тикелөөгө шашылды. Американын ошол базасы азырга чейин бар. Ошол эле учурда, Россия да өзүнүн Орто Азия мамлекеттериндеги таасирин сактап калуу максатында бир нече чараларды колдонду. Кыргызстан ушул мамлекеттердин бири. Ушуга караганда, ага өзгөчө көңүл буруп, 2000-жылдын күзүндө Бишкек жакынындагы Кантка аскердик аба базасын курду. Андан максат, 1992-жылы кол коюлган Россия менен беш союз жумурияттары, алардын катарында, Кыргызстан ортосунда кол коюлган коллективдик коопсуздук келишимине мүчө Орто Азия жумурияттарын коргоо болгон.

Ошентип, Кыргызстан эки мамлекеттин тең көңүл борборунда турган болуп, Америка ыңгайлуу учурду күтөр эле. Ал бул учурду шайлоолордон, айрыкча, 2005-жылы 13-мартта болуп өткөн экинчи баскычтагы шайлоолордон тапты. Себеби, бул шайлооолордун натыйжасына ылайык, өкмөттүн адамдары 75 орундуу парламенттин чоң бөлүгүн ээлешкен.

Оппозициячылар үлүшү азайып кеткен эле. Мына ошондо Америка күчтүү массалык маалымат чабуулун баштады. Кыргызстан өкмөтү катуу сындоого алынды. Шайлоо натыйжаларына шектенүүлөр билдирди. Акыбетте, проблема кайнап чыкты. Оппозиция козголуп, шайлоолордун жасалмалуулугун, жаңы депутаттар палатасынын мыйзамсыздыгын жарыя кылды. Кыргызстан өкмөттүк чөйрөлөрү 2005-жылы 21-мартта оппозицияны Америка колдоп-кубаттап жатканы жөнүндө ачык баянат берди.

Оппозиция 18-мартта мамлекет түштүгүндө ачык козголду. Айрым өкмөт мекемелерин ээлеп да алды. Бирок, Кыргызстан милициясы оппозиция менен кагылышып, эки күндөн кийин 20-мартта бийликти кайтарып алды. Кийин окуялар дагы да тездешип, оппозиция түштүктөгү эки ири шаар Ош жана Жалалабатты ээлеп алды. Түштүктөгү башка жайларга чейин кулач жайды. Т.а. ошол убакта Американын тараза ташы оор келе баштады.

Туруксуздук жана кабатыр Россияга анык көрүнүп турган эле. Орус жооптуулары акыркы иштерге тынчсыздангандыктарын билдиришти. Федерация межлисиндеги тышкы иштер комиссиясынын башчысы Михаил Маргелов 22-мартта оппозициячыларды бийликти күч менен ээлөөдө деп айыптады. 23-мартта Россиянын коргоо министри Сергей Иванов эгер абал талап кылып калса, Кыргызстандагы «Кант» базасына караштуу Россия күчтөрү аралашышы ыктымалы бар экендиги жөнүндө билдирүү жасады. Иванов Кыргызстандагы кырдаалды мыйзамдуулук чегинен өтүп кеткендикте баалап, Кыргызстан коллективдик коопсуздук келишимине ылайык, Россиянын союздашы экендигин эстетип өттү. Россиянын тышкы иштер министри Сергей Лавров Батыш баянаттарын сындап, аларды орунсуз жана кескиндикти күчөтүүдө оппозицияны колдоп-кубаттоо деп баалады.

Россия эгер иштер ушул өңүттө улантылса, натыйжа оппозиция менен Америка пайдасына чечилишин түшүнүп, Кыргызстандын борбору Бишкектеги адамдарын 23-24-мартта, бейшемби, жума күндөрү козгоду. Акаевге чыгып кетүүнү, коопсуздук кызматынын кызматкерлерине бейтарап

туруусу буюрду. Арадан төрт саат да өтпөстөн, бейшемби күнү эртең менен түшкө чейин адамдар өкмөт имаратын, жумурият сарайын, телевидениени ээлеп алышып, ал тургай, оппозициянын өзү үчүн да күтүлбөгөн иш болгону жөнүндө кабар таркатышты. Оппозиция жетекчилеринин бири баянат беришинче, ал эртең мененки пикетти уюштуруу учурунда иштин мынчалык тез чечилишин ойлоп да койбогон экен.

Ошентип, Россиянын жактоочулары түштүктөн Бишкек тарапка козголуп жаткан оппозициянын жолун тосушту. Россиянын ташы оор келди. Түштүктөгү чыныгы оппозиция тарабынан жасалма деп айыпталганына карабастан, жаңы депутаттар палатасы мыйзамдуу деп жарыя кылынды. Кийин болсо жаңы өкмөт тарабынан Россиядагы Акаевдин алдына өкүлдөр барышты. Акаев бул өкүлдөргө отставка бергендиги жөнүндөгү арызын тапшырды жана ал 2005-жылы 5-апрель күнүнөн баштап аткарылды деп эсептелди. Акаевдин кыргыздарга карата айтылган коштошуу сөзүндө ушундай делген.

Кыргызстандагы иштерде Россиянын ийгиликке жетишкенин жана Американын ийгиликсиздикке учураганын төмөндөгү иштер даана тастыктап турат:

1. Оппозиция козголушунан мурун Америка алардан 12 кишини чакырды. Алардын арасында Бакиев, Текебаев, Мадумаров да бар эле. Америка козголоң башчысы Мадумаров болушун каалаган эле. Бакиевди жактырбас эле. Анткени, анын Россияга ыктагандыгы баарына маалым болчу. Мунун үстүнө анын аялы орус эле. Бирок, иштер Америка каалаган адам Мадумаров четтетилип, Бакиевдин убактылуу президент болуп дайындалышы менен аяктады.

2. Бишкектеги адамдардын козголушу түштүктөгү оппозиция үчүн күтүлбөгөн кырдаал болду. Оппозициянын козголоңу Бишкекке чейин жетип барбаган эле. Анткени, түштүк региондору, мисалы, Ош менен Бишкектин ортосундагы аралык болжол менен 1000 чакырымга жакын эле. Дагы ортодо

үлкөн, басып өтүлүшү оор ашуулар бар. Акаев оппозициянын козголоңу ийгиликке жетпеши жана аны бастырууга кудуреттүүлүгү себептүү алгач бейгам болсо да, 22-мартта оппозиция мыйзамсыз деп айыптап жаткан жаңы парламентти ачты. Муну менен өкмөт өзүн оппозициячылардын талаптарынан бейкабар кылып көрсөттү. Акаев өз сөзүндө катуу туруп, «палата мыйзамдуу, ал иш жүргүзүүнү башташы керек» деди.

3. Акаев чыгып кетти. Коопсуздук кызматы өзүн четке алды. Адамдар эртең мененден бешимге чейин телевидениени, Ак үйдү жана өкмөт имаратын ээлеп алышты. Айрымдар бул ишти экинчи дүйнөлүк согуштун башталышында Германиянын Польшаны басып алышына салыштырып, чагылган тездигиндеги козголоң деп аташты.

4. Жаңы шайланган палатанын мыйзамдуулугу тан алынды. Чындыгында, оппозициянын козголушуна жана аны бекер кылып жаңы шайлоолор өткөзүлүшүн талап кылып чыгууга себеп ушул эле. Натыйжада, айрым оппозициячылар ачыктан-ачык козголоңго кыянат кылынды деп интервью беришке чейин барышты.

5. Россия билдирүүлөрү алгачкы күндөрдө кескин каршы болгон болсо, акыркы күндөргө барып колдоп-кубаттоого өттү.

6. Россияга өкүлдөр барып, Акаев менен жолугушуп, отставка арызын камырдан кыл суургандай алышты.

Тыянак: Россия Американын КМШга сүңгүп кирип келбешине өзгөчө көңүл бурат. Америка Грузиядан Россиянын таасирин жок кылып, ордун өзү ээлөөгө жетишти. Украинага малайы Юшенко аркылуу кирип барган болсо да, Россия таасирине биротоло чек коё албады. Кыргызстанда болсо, козголоңдун алгачкы күндөрү Американын ийгилиги көрүнүп калган аракетин жокко чыгара алды.

Мурунку баракчаларыбызда эл аралык саясаттагы Американын жеке кожоюндук таажысы Афганистан жана Ирак иримине батып, аскерлери ичинде өлүм кызуу түс алгандан кийин калкып калганы жөнүндө айтып

өткөн элек. Буга Ливан, Судан жана Түндүк Африкада Европанын Америка менен атаандашканын мисал кылып көрсөткөн элек. Американын Кыргызстандагы планын Россия жок кыла алганын ушул мисалдар катарына кошобуз.

Бул али Америка биринчи мамлекет деген даражасынан түштү дегени эмес. Бирок, анын эл аралык саясаттагы жеке кожоюндук тарапка бара жаткан жолу Ирак согушунан мурунку доордогудай оңой болбой калды. Европа жана Россия тарабынан бул жолго бир канча тоскоолдуктар коюла баштады. Бул нерсе Американын эл аралык саясаттагы жеке кожоюндугуна кыйынчылыктар туудурду. Ушуну да айта кетүү максатка ылайык, өлкөлөрүбүздү өз ара талашып жаткан бу колонизатор мамлекеттерди бир гана мусулмандар жок кыла алат. Ал үчүн алар бир байрак, бир мамлекет – туура жолдогу Халифалык астында биригүүлөрү керек. Эгер бул үммөт Аллага ыкылас менен, пайгамбарына чыныгы берилгендик менен дүйнө-акырет азиздигине умтулуп, астейдил аракет кылса, бул иштин өтөсүнөн чыгат.

Алла Өзүнө жардам бергендерге жардам берүүчү. Алла күчтүү жана азиз.

**Жигиттер үчүн маалымат**

**Америка менен Россия Орто Азия үчүн өз ара кансыз күрөшүүдө**

1 – «Русская газета» 2012-жылы 21-сентябрда президент Путиндин 2012-жылы 20-сентябрда Кыргызстанга жасаган сапары жөнүндө кабар таратып, бул сапардын ийгиликтүү болгону жөнүндө жазды. Себеби, орус президенти Путин жана кыргыз президенти Алмазбек Атамбаев биргеликте басма өз конференциясын өткөрүшүп, өз ара сүйлөшүүлөр жемиштүү болгонун баса белгилешти, анткени, аскерий, саясий, экономикалык тармактарда бир нече келишимдерге кол коюлду.

«АФП» агенттиги 2012-жылы 20-сентябрда тараткан маалыматта жогорудагы гезит жазып чыккан нерсени кеңири баян кылган. Агенттиктин билдиришинче, бул келишимдерден ушул мурунку совет республикасындагы орус аскерий базасынын туруу мөөнөтүн узартуу жана бул республиканын дээрлик 500 миллион доллар карызын бекер кылуу орун алган. Путинди коштоп келген орус коргоо министри Анатолий Сердюков жана анын кыргыз кесиптеши «Кыргызстан жеринде орус аскерий базасынын туруу абалына жана механизмдерине» тиешелүү келишимге да кол коюшту. Кремль мурун бул келишим орус аскерий базасынын Кыргызстанда 2017-жылдан тартып 15 жыл мөөнөткө чейин турушун тартипке салышын, бул мөөнөт дагы беш жылга узартылышы да мүмкүндүгүн билдирген.

2 – Орустардын «Коммерсант» гезити 2012-жылы 23-августта чыккан санында Вашингтон Москва менен жаңы оюн баштаганын көрсөтүп, Америка менен Россия ортосунда Орто Азия үчүн болгон бул атаандаштык күчөп бара жатканын ачыктаган. Газетага ылайык, Россия буга каршы жооп катары Кыргызстан менен алакаларын бекемдөөгө шашылган болсо, Америка Өзбекстан менен аскерий базалар тууурасында сүйлөшүүлөр алып барууда. Гезиттин дагы жазышынча, Өзбекстанда «Кызматташтык жана транзиттик жүк ташуу борборун» куруу тууурасында Америка жана өзбек жооптуулары ортосунда сүйлөшүүлөр жүрүүдө жана убакыттын өтүшү менен бул борбор Өзбекстандагы Америка аскерий базасына айланышы божомолдонууда. Себеби, бул борбор Америка куралдуу күчтөрүнүн чоң бөлүгү 2014-жылы Афганистандан чыгып кеткенден кийин региондо координациялоо иштерин алып барат о.э. бул борбор Афганистандан чыгып кете турган НАТО күчтөрүнө караштуу техникалык жабдыктар жана курал-жарактар менен куралдантылат. Кийинчерээк болсо, бул куралдардын көпчүлүгү Өзбекстанга «белек» катары берилет. Ошентип, Өзбекстан Америка менен толук стратегиялык кызматташтык дооруна кирген болот.

3 – Америка-өзбек алакалары айрыкча 2002-жылы март айында Буш менен Каримов өз ара стратегиялык кызматташтык келишимине кол коюшкандан кийин өнүктү. Алакалардагы бул өнүгүү деңгээли Америка Өзбекстан менен 2009-жылы өз ара кызматташтык келишимине кол койгондон кийин дагы да өнүктү. Бул келишимде эки мамлекет ортосундагы аскерий, таалим программалары орун алган. 2009-жылы түзүлгөн ушул жогорку деңгээлдеги келишимден кийин Россия кыргыздар менен өзбектер ортосунда жасалма түрдө чатакты келтирип чыгарды, максат, Америка менен Өзбекстан ортосундагы алакаларга тоскоолдук коюу болгон. Себеби, Россия Каримов ага каршы болуп, Америкага ооп баштагандан тынчсызданып калды. Анткени, Россия, айрыкча, Анжиян окуяларында Каримовго жардам берген эле, бирок, Американын Каримовду экономикалык жана коопсуздук жактан азгырып кызыктыруулары Каримов барган сайын Америкага ыкташына, Россиядан болсо сезилээрлик түрдө алысташына алып келди. Муну Россия ушул региондогу кээ бир мамлекеттер менен түзгөн Ыкчам Жамааттык Күчтөрүнө тиешелүү келишимге Өзбекстан кол коюудан баш тартышы даана айгинелеп турат. Кыргызстан бул келишимге Москвада 2009-жылы 14-июнда кол койду, бирок, Өзбекстан ага кол коюудан баш тартты. Кала берсе, Өзбекстан Жамааттык Коопсуздук Келишими Уюмунун (ОДКБ) 2009-жылы 26-августтан 15-октябрга чейин өткөрүлгөн аскерий машыгууларына да катышпады.

4 – Каримовдун Америкага жакындашуусуна орусча ыкма менен чек коюу керек болуп калды жана ушундай да болду. Себеби, Россия Өзбекстан үчүн бир проблема туудурмакчы болду, ушул максатта азчылык өзбектердин чоң бөлүгүн Кыргызстандан качкын болуп чыгып кетүүгө мажбур кылуу планын түздү. Себеби, мына ошондо бул проблеманы чечүү үчүн Жамааттык Коопсуздук Келишими Уюму аркылуу аралашуу үчүн даяр шылтоо табылат. Өзбекстандын бул уюмдагы өз мүчөлүгүн токтотуп койгонуна көп убакыт болгон, ошондуктан, Россия мына ушул планды түздү. Себеби, бул проблема

курч болгондуктан, Өзбекстан бул проблеманы чечүү үчүн, табигый түрдө, албетте Россия башчылыгында дагы Жамааттык Коопсуздук Келишими Уюмуна кайтууга мажбур болмок. Натыйжада, Өзбекстан дагы орустарга моюн сунган кулга айланып, Америкадан болсо алыстайт эле.

Ушул максатта Россия убактылуу кыргыз өкмөтүнө жана Кыргызстандагы өзүнүн жүгүртөк малайларына (айкөл кыргыздар мындан тышкары) өзбектерди Өзбекстан чегараларына карай кууп жиберүү үчүн өзбектерге чабуул кылып үйлөргө от коюуну, ойрон кылууну, өлтүрүүнү… буюрду. Эгер, Ташкенттеги Америка элчиси Америка жетекчилиги атынан аралашпаганда бул план дээрлик ийгиликтүү болуп, натыйжада, Өзбекстан Жамааттык Коопсуздук Келишими Уюмуна кошулууга жана бул проблеманы чечүү үчүн Россия башчыгындагы күчтөр жиберилишине ыраазы болууга мажбур болмок. Америка элчиси өзбек бийлиги менен байланышып, аны Жамааттык Коопсуздук Келишими Уюму күчтөрү менен биргеликте операцияга катышпоого көндүрдү. Натыйжада, өзбек бийлиги Америка элчисинин бул талабын кабыл алып, чегараларды качкын өзбектердин астында жаап койду. Негизи, мындан мурун чегараларды ачып, 100 миңге жакын өзбектин чегарадан өтүшүнө жолто болбогон. Ошентип, Россиянын Өзбекстанды Жамааттык Коопсуздук Келишими Уюмуна жана Ыкчам Жамааттык Күчтөргө тартуу планы оңунан чыккан жок.

5 – Башка тараптан болсо, Америка түрдүү жолдор менен Өзбекстан менен болгон алакаларын бекемдөөгө урунду, ушул максатта ар дайым финансылык жардамдарды берип туруу жолун тандады. Чамасы, Америка мында акыбетте ийгиликке жеткен көрүнөт. Себеби, 2012-жылы августта Өзбекстан жана Америка компаниялары ортосунда 2,8 миллиард доллар көлөмүндөгү келишимге кол коюлганынан сырткары эки мамлекет ортосундагы тышкы соода айырбаштоо көлөмү 2011-жылдагы 249,9 миллион доллардан ушул жылдын жарымында 127 миллион долларга көбөйдү. Ушул себептен улам, Өзбекстан өз ара кызматташтык жолуна кирип Америкага

жакындашканы жөнүндө ачык ишарат берген болот. Ошондуктан, Дэн Бертон башчылыгындагы Америка Сенатынын делегациясы 2012-жылы июлда Өзбекстанга келип, тышкы иштер министрлиги менен сүйлөшүүлөр алып барды, бул сүйлөшүүлөр ушул делегация Өзбекстан жана өзбек парламенти менен өткөргөн сүйлөшүүлөр алкагында алып барылды. Ошондон кийин бул делегация Ислам Каримов тарабынан президенттик Ак Сарайда кабыл алынды. Сүйлөшүүлөрдө Каримов мындай деди: «Америка сенатынын жогорку даражадагы делегациясынын Өзбекстанга келиши өзбек-америка алакаларынын алга карап өнүгүп жатканын көрсөтүүчү бир белги болуп эсептелет. Бул визит улуттук коопсуздук жана туруктуулук маселеси жаатында өз ара пикир алмашуу мүмкүнчүлүгүн да берет. Бул болсо, азыркы учурда эки тараптуу алакалар болушу жана көз караштар аркылуу болот».

[www.usakgundem.com/07. Temmuz 2012].

6 – Мындан сырткары Өзбекстан 2012-жылы июнь айында Жамааттык Коопсуздук Келишими Уюмунун (бул уюм орус НАТОсу деп белгилүү болгон) башкы секретариатына бул уюмдагы Өзүнүн мүчөлүгүн токтотушун жазуу түрүндө маалым кылды. «Коммерсант» гезити буга түшүндүрмө берип, Ташкент Америка менен аскерий кызматташтыкты дагы да күчөтүү алдында жолду ачуу деген далил менен бул уюмдан чыгып кетти деп жазды. Максат, Жамааттык Коопсуздук Келишими Уюму кабыл алган соңку токтомдун алкагына кирип калбоо болгон. Бул токтомго ылайык, бул уюмга мүчө болгон ар кандай мамлекет өз жеринде бул уюмга мүчө болбогон бирер мамлекеттин аскерий базасынын курулушуна уруксат бермекчи болсо, бул үчүн уюмдун макулдугун алышы мажбурдуу болот. Ошентип, Өзбекстан бул уюмдан чыгып кетиши менен бул токтомдон кутулуп, Америка менен аскерий сүйлөшүүлөр алып барууга эркин болуп калган болот. Ошондуктан, Өзбекстан өз жеринде АКШга аскерий база курушуна уруксат бериши туурасында кабарлар тарады, бул база Афганистандан 2014-жылдан кийин

чыгып кеткенден Америка күчтөрү үчүн бир борбор болот. Буга Москвадагы саясий изилдөөлөр борбору «PIR-Center» эксперти Вадим Козюлин 2012-жылы 29-июнда «Коммерсант» гезитине берген интервьюсунда ишарат кылып мындай деди: «Өзбекстан АКШ менен аскерий база куруу маселесинде келишип алган көрүнөт, себеби, эгер Өзбекстан Жамааттык Коопсуздук Келишими Уюмунда мүчөлүгүн улантканда, Ташкент бул маселени Жамааттык Коопсуздук Келишими Уюмунун калган мүчөлөрү менен талкуулашы керек болмок, ал эми, азыр мындай кылышына кажет калбады».

7 – Американын Өзбекстанга тиешелүү аракеттерине каршы Россиянын мамиле билдирүүлөрү күчөдү. Себеби, тышкы иштер министрлигиндеги орус жооптууларынын бири «Коммерсант» гезитине мындай деди: «Өзбек шериктерибиз Америка менен боло турган алакалардын өнүгүшү себептүү жүзөгө келиши мүмкүн болгон бардык акыбеттерди жакшылап үйрөнүп чыгуулары зарыл. Анткени, эгер регион 2014-жылдан кийин божомол кылынып жаткан кескиндиктерге туш келе турган болсо, ошондо өзбек тарабы өзүнүн коргоосу АКШ аркылуу эмес, тескерисинче, Жамааттык Коопсуздук Келишими Уюмундагы шериктер аркылуу камсыздалышын түшүнүп жетет». [www.zaman.com.tr/23.Ağustos 2012]. Россия Америкага да кескин сындоолорду жолдоду. Себеби, «Голос России» радиосу 2012-жылы 3-сентябрда бир макаланы эфирге узатты, макалада Американын Орто Азия жана Азербайжандагы алакалары жөнүндө сөз кылынат. Радионун билдиришинче, АКШ менен Батыш Орто Азиядагы диктатор авторитардык режимдерди колдоп-кубаттап, акча менен камсыздап жатат. Радио кошумчалап «АКШ репрессиячыл режимдерди колдоп-кубаттоодо» рубрикасы астында мындай деп билдирди: «АКШ дүйнө бойлоп демократияны жаюу вазыйпасы жөнүндө сүйлөөнү көп жактырат, негизи, ал өзү түпкүлүгүндө диктатор режимдерди колдоп-кубаттоонун негизги булагы болуп эсептелет. Себеби, ал ачык-ашкере түрдө репрессиячыл режимдерди

«биздики» жана «биздики эмес» деп топторго бөлүүдө, бул анык чындык. АКШнын репрессиячыл акимдерге карата позициясы Америка президенти Франклин Рузвельттин Никарагуанын диктатор акими жөнүндө айткан белгилүү сөзүнө окшойт, ал мындай деген: «Чынында, ал – никесиз төрөлгөн уул, бирок, ал биздин уул».

8 – Россия буга каршы мамиле билдирүү менен гана чектелип калбады, Американын Өзбекстан менен болгон аракеттерине каршы тез аракет кылып Кыргызстан менен алакаларын жакшыртууга киришти. Себеби, кыргыз президенти Алмазбек Атамбаев жана орус премьер-министринин биринчи орун басары Игорь Шувалов – ушул экөөсүнүн башчылыгында – Кыргызстанда аскерий жана энергия булактары тармагында эки тараптуу кызматташтык протоколуна кол коюшту, протоколдо Россиянын Кант аскерий базасындагы иш-аракетин дагы 15 жыл мөөнөткө узартуу жарыя кылынды. Ушул себептен улам, Кант базасына тиешелүү мөөнөтү 2017-жылы бүтө турган келишим дагы 20 жылга узартылган болот. Муну менен Россия өзүнүн башка шериктери менен биргеликте Американын келечекте күтүлүп жаткан иш-аракеттерине каршы күчтөрдү теңдештирген болот.

9 – Ошентип, Америка өз планын Өзбекстандан баштоодо, Россия болсо буга каршы негизги этибарын Кыргызстанга каратууда… Өкүнүчтүүсү, бул эки өлкө – мусулман өлкө, бул эки өлкө үстүндө колонизатор кафирлер өз ара күрөшүүдө! Мусулман калкка зулум кылып, Роббибиз Аллах дешкени үчүн гана өлтүрүп жаткан, түрдүү кыйноолорго салып жаткан диктатор, Ислам душманы Каримов болсо өзбектерди эзип зомбулук кылып тогут диктатор болуп кала беришинин акысына бул өлкөнү жана пенделерди өзүнүн кафир кожоюндарына эч экиленбей сатып жиберүүгө даяр… Башка тараптан болсо, бул нерсе өзүн дүйнөдөгү диктаторлорго каршы кылып көрсөтүп жаткан Американын эки жүздүүлүгүн ачыкка чыгарууда! Бирок, Аллах фатхты же Өзү тарабынан бир нерсени алып

келсе ажеп эмес, натыйжада Америка, Россия жана яхудий Каримов качып калат. Бул болсо, Аллахка эч кыйын эмес.

**2-сентябрь, 2012-м.**

### Америка менен Орусиянын ымалага келүүсүнүн акыйкаты

**Суроо:** *Маалым болгондой, Орусия Сирияда абадан чабуулга өтүүнү Америка маакулдугу менен ишке ашырды. Орусия Сирияда Америка кызыкчылыгына кызмат кылды жана ал муну менен чыгыш Украина жана Крым жаатында Америка менен келишип алам деп ойлоду. Ошентип, Орусия менен Америка ортосунда ымалага келишүү саясаты болду. Бирок, акыркы жолу, Обама жетектеген өзөктүк курал боюнча жогорку деңгээлдеги саммитке Орусия барбай калды, мунун себеби эмнеде? Ошондой эле, Америка тарабынан колдоого алынган Азербайжан менен Орусия тарабынан колдоого алынган Армения ортосундагы согуштун себеби эмне? Ушулар Америка менен Орусия ортосундагы ымалага келүү саясатына кайрадан доо кетирдиби? Ушулардын жообу кандай? Акыркы суроо: өзөктүк курал боюнча жогорку деңгээлде өткөрүлгөн саммиттен көздөлгөн максат эмне? Бул чындап эле өзөктүк куралдардан баш тартууга алып барабы? Аллах ыраазы болсун*

**Жооп: Биринчи: Америка менен Орусиянын ымалага келүүсү жана ага кайрадан доо кетүүсү**

Путин СССР мезгилинде КГБнын жетекчилеринен болуп иштеген. Ошондуктан ал, Россия да СССР сыяктуу, Америка менен теңтайлашуусун өтө каалайт. Америка Сирияда Башар кулагандан кийинки боштукту ыхластуу Исламий күч толуктап калышынан коркуп жатат. Ошондуктан, Башардын ордун баса турган адам тапкычакты, Башарды кулатпай сактап туруу керек болууда. АКШ мына ушул кылмыштуу кызыкчылыгына кызмат кылдыруу үчүн Россияны ишке салууну ылайык көрдү. Россия буга көндү. Путиндин жаман оюнда, Сирияда Американы ыраазы кылуу ага Украина

жаатында Америка менен келишип алуу мүмкүнчүлүгүн берет деп ойлоду. Бирок тилегине каршы, бул иштери ага пайда бербеди, тескерисинче, Орусияны мусулмандар менен болгон согушка сүңгүп кирүүгө алып барды. Аллахтын жардамы менен, жакын арада Орусия бул кылган кылмышынын кесепетин эки эселеп тартат. Эми Украина мүшкүлүнө кошумча, Россия үстүнө мусулмандар каары жаайт. Ин шаа Аллах, бул жакын арада болот. Бул бир тараптан.

Башка тараптан Путин, эл аралык маселелерди чечүүдө  эл аралык майданда Орусиянын рол ойноосуна Америка жол ачып берет деп ойлоду! Негизи, мындай ойлоо саясий аңкоолуктан башка нерсе эмес. Анткени, эл аралык саясат капитализм мабдасына курулган, ошондуктан, ал башкаларды пайдалануу аркылуу өз кызыкчылыгына жетүү кыйматын гана көздөйт. Ошондуктан, кубаттуу капиталисттик өлкөлөр алсыз капиталистик өлкөлөрдүн үстүнөн кожоюндук кылууга бар күчүн жумшайт. Америка, Европа, жана Россия да капиталисттик мабданы ээрчийт. Мурун Батыш капиталистик мабданы ээрчисе, СССР коммунистик мабаданы ээрчиген, азыр андай эмес. Мурун бул эки мабданын бири-бири менен атаандашып, таасир талашууда күрөш алып бара турган өзүнө таандык кыйматтары бар болчу. Ал эми капиталистик мабданы карманган өлкөлөр арасында болсо, күчтүү мамлекет гана кожоюндук кылат. Ошол күчтүү мамлекеттин башка каптиталистик мамлекеттер менен ымалага келишип алышы – аларды өз кызыкчылыктарына кызмат кылдыруу үчүн болот.  Т.а. ал өзүнө тең келтирүү үчүн эмес , өзүнө кызмат кылдыруу үчүн ымалага келишүү саясатын алып барат. Ошондуктан, күчтүү империалисттик мамлекетке тең келүү саясатын алып барыш үчүн, ошол сыяктуу күчкө ээ болуу керек. Европа болобу же Орусия болобу, Америка алардын өзүнө теңтайлашуусун каалабайт.  Себеби, капиталистик мабда жалаң гана пайда жана «ким күчтүү болсо кожоюндук ошонуку» деген саясат үстүнө курулган.

1 – Ушундан улам, Путиндин «Сирияда Американы ыраазы кылуу менен эл аралык маселелерди чечүүдө Россияга роль берилет» деген ою өтө жаңылыштык. Бул нерсе суроодогу эки иште: өзөктүк курал боюнча жогорку деңгээлдеги жолугушууда о.э. Азербайжан-Армения маселесинде даана байкалды.

а) Ядролук саммит Америка жетекчилигинде өттү. Мында Америка өзөктүк курал боюнча дүйнөдө 2-орунда турган Орусияны көз жаздымда калтырды. Саммитте Америка өзүн эмнени каалаcа ошону кыла турган биринчи зор күч катары көргөзүүгө аракет кылды. Ошондуктан, Орусиянын бул саммитке катышпай калышын тоотмоксон болуп койду. Бул саммитке даярдыктар көрүлүп жатканда, кремлдегилер ядролук маселеде дүйнө Орусия менен кызматашууга муктаж экендигин билдиришти. Ошондой эле, Москва «күн тартибиндеги маселелерди кароодо кызматташтык кылынбай жатканы чоң кемчилик» деди жана Америка тарабынан бир тараптуу чагымчыл маалымат чабуулу болууда деп айыптады. Буларды Кремл пресс катчысы Песков билдирди. («Россия сегодня» 2016 03 11)

Саммит иш чараларын уюштурууда Америка Орусияга карата кемсинткен мамиле жасады. Ушундан улам, Путин саммитке катышпай тургандыгын билдирди. Америка буга да кемсинтүү менен жооп берди. Президенттин коопсуздук боюнча кеңешчисинин орун басары Бен Родс мындай деди: «Ушул аптада Вашингтондо өтө турган ядролук коопсуздук боюнча жогорку деңгээлдеги жолугушууга Орусиянын катышпай коюусу – аны ыңгайлуу учурдан кол жуудурат деп билебиз жана алардын мындай маанилүү иштерге катышпай калышы аларды жекеленип калууга алып барат». («Бадиил» сайты 2016 03 31). Обама Орусияны түндүк Кореяга теңеп коюу менен анын кадырын огобетер түшүрүп, саммит аягында: «Орусия менен Түндүк Кореянын ядролук арсеналдарын кыскартууну талап кылган дагы көптөгөн иштер бар – деди жана дагы кошумчалап – биздин иш ушуну менен эле бүтүп калбайт, дүйнө коопсуздугун камсыздай турган дагы

көптөгөн ядролук программалар бар», - деп айтты. («Аль-Жазира нет» 2016 04 02). Ядролук саммитте Америка Орусияны мына ушундайча басмырлады!

б) Ал эми, Армения менен Азербайжан ортосундагы Тоолуу Карабак согушу 2-апрелде башталды. Муну менен Армения менен Азербайжандын Карабак аймагында ок атышпоо келишими бузулду. Азербайжандын саясий-аскерий жетекчилери чукул жыйын курушту. Армения да ушундай кадамдарга барды. Армения башчысы Саргсян муну «1994-жылдагы ок атышпоо келишиминен берки эң коркунучтуу куралдуу кагылыш» деп атады. («Аль-Жазиира нет» 2016 03 04) Арменияда Орусиянын таасири туруктуу өңүттө. Анда Орусиянын негизги аскерий базалары да орун алган. Орусиянын 102-аскерий бөлүгү, анын ичинде 5000 орус аскери бар. Орусия Арменияга карыз берүү менен, аны материалдык жактан да колдоого алган. Азербайжан менен талаштуу Тоолуу Карабак аймагында Арменияга аскерий жардамдарды берип келген. 1994-жылдагы эки тарап ортосундагы ок атышпоо келишимин Орусия демилгелеген. Ал Арменияга пайдалуу болгон. Келишим негизинде, Армения Тоолуу Карабактын талаштуу түштүк-батыш аймагындагы Азербайжандын 9%пайыз жерине ээлик кылып калган. О.э. чыгышынан да кирип кеткен. Ошондуктан, Орусия акыркы куралдуу кагылышууну токтотууга өтө кызыкдар болду. Ал эми бул куралдуу кагылыштагы Американын ролу болсо парда артынан да, түзмө-түз да болду. Азербайжан мамлекет башчысы 30-мартта, Вашингтондо, Америка мамкатчысы Жон Керринин алдында, эки өлкө ортосундагы талаштуу аймак болгон тоолуу Карабактан Армения тезинен куралдуу күчтөрүн чыгарып кетишин талап кылды. Керри ядролук курал боюнча саммит алкагында Азербайжан президентин кабыл алды. Алиев Керринин алдында журналисттерге мындай деди: «Биз Америка өкмөтүнүн Азербайжан-Армения ортосундагы талашты чечүүгө болгон аркетине ыраазыбыз – деди жана дагы кошумчалап – Армения куралдуу күчтөрү биздин жерден эч кандай шарт койбостон тез арада чыгып кетишин камтыган

Коопсуздук Кеңешинин чечими аркылуу чечилиши зарыл», - деп айтты. Ал эми Керри «Талаштагы тоолуу Карабак сүйлөшүүлөр аркылуу чечилиши зарыл» деп билдирүү берди («Миср явм сайты» 2016 03 31).

Америка 1991-жылдан бери Азербайжан нефтисин Кара дениз жана Түркия аркылуу алып өтүүгө аябай кызыкдар. Мына ушул нерсе бул аймактагы Америка-Орусия күрөшүнүн негизги себеби. Азери президентинин куралдуу кагылыштан үч күн мурун берген билдирүүсү жана Керри менен болгон жолугушуусу – Орусия таасири астындагы аймак эсептелген Кавказдагы согуш отун шек-күмөнсуз Америка тутандыргандыгына ишара кылат. Бул Орусиянын Кавказ жана Армениядагы кызыкчылыгына доо кетирет. Бул аймак Орусия үчүн өтө маанилүү. Т.а. бул согуштун тутанышы Американын Орусия быкынына урган соккусу болуп саналат.

Корутундулап айтканда, Америка менен Сирия жаатында келишип, ал ыраазы кылынса, Америка Орусияга эл аралык майдандан үлүш берет деп ойлогондугу – Путиндин саясий сокурдугу. Орусиянын Сирия жаатында Америка кызыкчылыгы үчүн түзүлгөн келишими Сирияга эле чектелип, ал Америка кызыкчылыгына гана кызмат кылат жана анын башка эл аралык маселерге таасири да, тиешеси да болбойт. Ядролук саммиттеги жана Армения-Азербайжан согушу тутанышындагы Америка менен Орусия ортосундагы чыңалуу мунун жаркын далили. Сирия жаатындагы алакада ымалага келишкендигине карабастан, башка алакаларда Америка-Орусия ортосунда келишпөөчүлүк сакталат.

## Россиянын Шам козголоңуна карата позициясы

**Суроо:** *Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.*

*Урматтуу боордош шейх Ато – Аллах сизди Үммөт үчүн бир казына катары Өз коргоосуна алсын. Сизге Россиянын Шам козголоңуна болгон позициясы жөнүндө суроом бар. Менин оюмда Россия бул козголоң маселесинде Америка барабар туруп, олжолорго жетүүнү үмүт кылууда. Ал*

*эми, сиз, азирет тарабынан чыгарылган талдоо боюнча Америка Россияны ишке салып жатат. Сураныч, мунун кандай ишке ашып жатканын түшүндүрүп берсеңиз – Аллах сизге береке берсин – бизге муну түшүндүрүп берсеңиз.*

**Жооп:** Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Жооп анык болушу үчүн сизге төмөндөгү жагдайларды эске салып өтөмүн:

1 – Саясий окуялар алардын тышкы көрүнүшү менен түшүндүрүлбөйт, себеби, тышкы көрүнүш көбүнчө алдамчы же адаштыруучу болот. Айрыкча, бүгүн дүйнөдөгү таасирдүү мамлекеттер саясий жактан бири-бири менен эч кандай туура баалуулуктарга моюн сунбай мамиледе болуп жаткан соң, тышкы көрүнүш адаштыруучу болушу анык!

2 – Россия Советтер Союзу кулагандан кийин анын эл аралык майдандагы саясий ролу кыскарып кетти. Мурунку Советтер Союзу бул майданга жарып кирүүгө жана ага өз таасирин өткөрүүгө умтулуп келген. Россиянын саясий ролу бул майдандан анын турмуштук кызыкчылыктары майданына т.а. мурунку Советтер Союзу республикаларына кыскарды. Ал тургай, мурун Советтер Союзу өкүмдарлыгы астында болгон Чыгыш Европа мамлекеттери да Европа Союзунун курамында болуп калды, бул союзга кирүүгө даяр болбогондору да Россия өкүмдарлыгынан чыгып кеткен. Мисалы, Сербия НАТО тарабынан катуу баскынчылык чабуулдарына кабылды. Россия болсо Сербияга – ал анын эркеси болушуна карабастан – жардам бере албады! Ал тургай, сербдердин Россия тарабынан корголуп келген жетекчилери да эл аралык кылмыштар сотуна тапшырылды жана Россия аларды коргой албады!

3 – Россиянын Ортоңку Чыгыш жана Чыгыш Азия сыяктуу башка региондордогу иштери экономикалык кызыкчылыктардан ары өтпөйт, бул иштер менен ал саясий таасир өткөрө албайт. Эгер, Россия бул региондордо кандайдыр бир саясий иштерди жасаган болсо да, бул иштер келишип же

келишимсиз Америка иштери менен параллель таризде болот. Эч болбогондо, жакынкы келечекте ушундай болот.

4 – Россия мурунку Советтер Союзу республикаларына саясий жактан абдан көңүл буруп жатканын о.э. анын башка региондордогу позициясы күчсүз экенин – бул позиция Америка позициясы менен шайкеш болсо да – көрө алышыңар үчүн Россиянын өзүнүн турмуштук кызыкчылыктары майданындагы, Чыгыш Азияда жана Ортоңку Чыгыштагы айрым бир иштерин айтып өтөмүн:

а) Мурунку Советтер Союзу республикалары

– Грузия:

Саакашвили 2003-жылы ноябрдагы «роза гүлү» революция учурунда Грузияны Россия боорундагы бир Америка очогуна айлантууга урунду жана Америка Грузияны Түштүк Осетияга чабуул кылууга тукуруп, Россия менен акыбетте боло турган сүйлөшүүлөр жаатында колдоп-кубаттоого убада кылды. Иш жүзүндө ошондой да болду. Грузия Түштүк Осетияга 2008-жылы 8-августта чабуул баштады… Россия бул чабуул артында Америка турганын жакшы түшүнгөн, айрыкча, Америка өзүнүн айрым жооптуулары аркылуу муну ачык билдиргени үчүн Россия муну жакшы түшүнөт эле. Бирок, булардын баарына карабастан, Россия Грузияга каршы чоң чабуулда бүткүл күчүн жумшады жана Осетия менен Абхазияны Грузиядан бөлүп алды. Т.а. Россия Грузияны ыдыратууга аракет кылып, анын так жүрөгүнө канжар сайды. Бул канжар Грузияны Россияга зыян жеткирүү тиякта турсун, ал тургай, аны тынчсыздандырууга кудуреттүү болбогон абалга келтирип койду. Россия Американын жан үрөп – орустардын Грузияга чабуулу эл аралык мыйзамга тескери болду деп өткөрүлгөн эл аралык басымдар менен бирге – орус армиясынын маанайына таасир өткөрүү үчүн Россия Түндүк Грузия баткагына батып калды деген аракеттерине көңүл да бурбады.

– Кыргызстан:

Россия Бакиевдин 2009-жылы 23-июлда шайланышын колдоду. Россиянын анын шайланышын колдоп-кубатташы көңүлдү өзүнө бурду. Себеби, орус президенти Медведевдин жеке өзү Кыргызстанга келип 2009-жылы 2-августта Бакиевдинг инаугурациясына катышты. Ошого карабастан, Россия Бакиевдин – Америка саясий жооптуусу Ричард Холбрук 2010-жылы 19-февралда Кыргызстанга келгенде – Америкага жакындашканын сезди. Себеби, Холбрук «Русиял явм» сайты 2010-жылы 19-февралда «Интерфакстан» алып жазгандай, Бакиев менен маалымат каражаттарынан алыста жолугушкан. Холбрук президент Бакиев менен «эки тараптуу алакалардын келечегин жана Афганистандагы абалды» талкуулады. Эки тарап маалымат каражаттарынан алыста Афганистандагы абал жөнүндө өз ара пикир алмашып, эки мамлекет ортосундагы өз ара пайдалуу кызматташтыкты бекемдөө жолдорун талкуулашты. Ошол сайт 2010-жылы 17-мартта ушуларды да жазып чыкты: «Кошмо Штаттар жакында Кыргыстанга Баткен шаарында терроризмге каршы күрөш боюнча атайын аскерий бөлүмдөрдү машыгуудан өткөрүү борборун курууда жардам берүү үчүн 5,5 миллион доллар бөлгөнүн жарыя кылды»… Россия Бакиевде Америкага бир аз ыктоо пайда болгонун сезгенден кийин, Бакиевдин Америка менен алакасын улантышына жол бербөө үчүн ага каршы шашылыш төңкөрүш уюштурду. Россия Бакиевге каршы төңкөрүш уюштуруп, 2010-жылы 8-апрелде аны кулатып таштоодо «жеңишке» жетишкенинен кумарланганы даана байкалып турду.

– Өзбекстан:

Каримов Россия менен бирге болуп келди, айрыкча Россия ага Анжиан окуяларында аскерий жардам бергени үчүн ушундай болду. Бирок, Американын Каримовду экономикалык жана коопсуздук жактан азгырып кызыктыруулары Каримовдун Америкага барган сайын көбүрөөк ыкташына, Россиядан болсо билинерлик алысташына алып келди. Бул жагдай Өзбекстан Жамааттык Коопсуздук Уюму тарабынан 2009-жылы 26-августта өткөрүлгөн

жана 2009-жылы 15-октябрга чейин созулган машыгууларда катышуудан баш тартканда анык көрүндү. Бул болсо Россияны тынчсыздандырып койду. Анткени, Өзбекстандын мындай иш-аракети анын бул уюмга мүчөлүгүн тоңдуруп коюу дегенди түшүндүргөн. Айрыкча, Америка генералы Дэвид Петрэус Ташкентке келип 2009-жылы 18-августта Каримов менен жолугушкандан кийин Өзбекстан мындан бар тартканы үчүн жогорудагы мааниге ээ болчу. Ошол жолугушууда Каримов мындай деди: «Өзбекстан Кошмо Штаттар менен өз ара сый-урмат жана тең шериктик принциптери негизинде натыйжалуу кызматташтыкты кеңейтүүгө даяр». («Новости» агенттиги, 2009-жыл, 18-август). Ошол жолугушууда эки мамлекет ортосунда аскерий, машыгуу жана профессионалдуу билим боюнча кызматташтык келишимине кол коюлду.

Бул иштер Россия үчүн коркунучтан кабар берет эле. Ошондуктан, Россия мурунку Советтер Союзу республикаларынын маселесинде бекем туруу жолун карманып Өзбекстанды Жамааттык Коопсуздук Уюмуна т.а. Россия кучагына кайтаруу пландарын түзүүгө киришти. Ушул максатта Россия Кыргызстандагы өзүнүн жүгүртөгү болгон убактылуу өкмөттү өзбектерге чабуул кылып, аларды өлтүрүүгө, үйлөрүн өрттөп, ойрон кылууга буйруду… Мындан өзбектерди чегара тарапка кууп, Өзбекстанга проблеманы пайда кылуу көздөлгөн. Ушул максатта азчылык өзбектердин чоң бөлүгү Кыргызстандан Өзбекстанга качууга мажбур кылынды. Себеби, ошондо бул проблеманы Өзбекстан өз мүчөлүгүн тоңдуруп койгон Жамааттык Коопсуздук Уюму аркылуу чечүү үчүн аралашууга даяр бир шылтоо табылмак… Россия мындан Өзбекстанды ушул проблеманы чечүү үчүн Жамааттык Коопсуздук Уюмуна кайтууга мажбурлоо максатын көздөгөн. Албетте, бул уюмдун жетекчиси – Россия. Ошондо, Өзбекстан дагы Россияга моюн сунууга жана Америкадан алысташууга мажбур болмок. Эгер, Американын Ташкенттеги элчиси аралашпаганда, бул план дээрлик ийгиликтүү ишке ашышына, натыйжада Өзбекстан дагы Жамааттык

Коопсуздук Уюмуна кошулуп ушул проблеманы чечүү үчүн Россия командачылыгы астында күчтөрдү жиберүүдө ыраазы болушуна аз калган. Ошол кезде Американын Ташкенттеги элчиси Америка бийлиги атынан өзбек өкмөтү менен байланышып, аны Жамааттык Коопсуздук Уюму күчтөрү менен кызматташтык кылбоого ыраазы кылды. Өзбек бийлиги муну кабыл алып, өзбек качкындары астында чегараларды жаап койду. Акыйкатта болсо, алгач бул чегараларды ачып койгон эле. Ошондуктан, Америка мамлекеттик катчысынын жардамчысы Роберт Блек Өзбекстандын бул иштерин жана чегараларды качкындар астында жаап койгонун мактады.

– Украина:

Украинада «заргалдак» революциясынан кийин бийликке Ющенко келип, Россиянын адамы Янукович кулатылганы Россия үчүн какшаткыч сокку болду. Мында Америка Ющенконун президенттик доорунан Украина менен Батыш ортосундагы интеграцияны ылдамдатуу үчүн пайдаланды. Ющенко кызматта турган доордо орустар менен түзүлгөн аскерий ижара келишими 2017-жылда бүткөн убакта орус кара деңиз аскерий флотун Севастополдон чыгаруу менен коркутуп келди. Ющенко Европа Союзу жана НАТО сыяктуу мекемелерге толук кошулуу каалосунда экенин жашырбады. Ошондуктан, Киев Европа Союзу менен кызматташтык келишими жаатында сүйлөшүүлөргө киришти жана НАТОго мүчө болуу үчүн жараян планын талап кылды. Ошентип, Россиянын таасири кыйын абалга түшүп калды. Бирок, Россия Украинадагы өзүнүн малайларын ишке сала баштады жана бул мамлекетте, айрыкча кыш мезгилинде туруксуздукту пайда кылуу үчүн газды токтотуп коюу, кийин анын баасын көтөрүү ыкмасын колдонду. Анткени, Украинада экономикалык тармактын көп тараптары дагы эле Россияга байланып калууда. Ошондуктан, Россия булардын баарынан таасирдүү пайдаланып, акыры өзүнүн адамы, мамлекеттин төртүнчү президенти жана Россияны күчтүү колдоп-кубаттаган Януковичти 2010-жылы февралда дагы бийликке алып келе алды. Ошондон тартып Америка таасири артка чегинип,

Украина Россия менен алакаларын – бул алакалар заргалдак революциясынан мурунку абалына караганда солгун тартып калган болсо да – жакшыртуу жолуна өттү.

Ошентип, көрүнүп тургандай, Россия мурунку Советтер республикаларындагы өзүнүн адаттагы таасирин жана өкүмдарлыгын коргоо үчүн мүмкүнчүлүгүндөгү бардык ыкмаларды, саясий, экономикалык, а түгүл, аскерий ыкмаларды ишке салып келүүдө. Ал бул республикалардагы өз таасиринен мажбур кылынса гана же регионалдык жана эл аралык факторлор себептүү бул таасирин сактап калууга кудуреттүү болбой калса гана баш тартат, антпесе, баш тартпайт…

б) Башка региондорго келсек, мында кырдал бүтүндөй башкача. Себеби, Россиянын ролу морт, күчсүз, айрым учурларда болсо бүтүндөй четке сүрүп коюлат. Роль ойноп калган тагдырда да бул роль Америка менен түздөн-түз же кыйыр түрдө параллель түрдө болот. Төмөндөгүлөр ушуга мисал:

– Чыгыш Азиядагы Түндүк Корея: Америка Россиянын түштүк тараптарынан алысташпай кезип, Гуам аралында ракетага каршы калканды курууда. Жада калса, Россия Түндүк Кореяга каршы кабыл алынган №2094 резолюцияга ыраазылык берди. Анын Кореяга карата саясий позициясы Америка позициясынан айырмаланганы дээрлик байкалбайт. Америка Түндүк Кореянын жанында үлкөн машыгууларды өткөрүү менен Түндүк Кореяга провокация кылды. Бул манёврлар 2013-жылы 19-февралда башталып 2013-жылы 30-апрелге чейин созулду. Бул болуп көрбөгөн чоң машыгуулар Америка Коопсуздук Кеңешинде ишке салган жаза чаралар менен бир убакытка туура келди. 2013-жылы 7-мартта Батыш, айрыкча, Америка Түндүк Кореяны 2013-жылы 12-февралда үчүнчү ракета сыноосун өткөрүүгө жан үрөп мажбурлагандан кийин Россия менен Кытай бул жаза чараларга ыраазылык берди. Мына ушул манёврлар Түндүк Кореяга карата кескин провокацияны пайда кылды. Мындан мурун Америка Азия-Тынч

океаны боюнча өзүнүн жаңы стратегиясын жарыя кылган болчу. Бул стратегия Американын ушул региондогу күчтөрүн күчөтүүгө тиешелүү. Муну 2020-жылга чейин ыктымал тутулган коркунучтарга каршы туруу үчүн деңиз күчтөрүнүн 60%ын Тынч океанына көчүрүү менен ишке ашырышмакчы. Булардын баары Түндүк Кореяны өзүнүн орто алыстыкка учуучу ракеталары менен Америка базаларына сокку берүү менен коркутууга мажбур кылды. Америка мындан Гуам аралында ракетага каршы калканын курууну тездетүү үчүн пайдаланды. Акыйкатта болсо, бул нерсе Түндүк Корея менен бирге Россиянын түштүгүнө да коркунуч туудурат. Бирок, ошого карабастан, Россиянын позициясы токтоо болду, а түгүл, Американын позициясынан дээрлик айырмаланбады. Себеби, орус тышкы иштер министринин өкүлү Александр Лукашевич мындай деди: «Биз Пхеньяндын азыркы убакта согуштук жана провокация жолун карманышын четке кагууда америкалыктардын позициясына кошулабыз». Ошентип, Россия Американын Түндүк Кореяга карата душмандык позициясына каршы жана Американын Түштүк Корея менен биргеликте заманбап курал-жарактары менен машыгууларды өткөрүп Түндүк Кореяга карата провокация кылышына каршы эч кандай олуттуу позицияларды ээлебеди. Россия буга көңүл бурбады жана аны каралабады. Акыйкатта болсо, бул нерсе регионго коркунуч туудурат жана мындан баарын коркууга салып, дүйнө үстүнөн Америка өкүмдарлыгын орнотуу үчүн Американын бул региондо жайгашуусун бекемдөө көздөлгөн. Бул план Россияга да каршы каратылган. Анткени, мында Россия ушул региондо ар кандай таасирин жүзөгө келтиришине жол берилбейт!

– Эми, Ортоңку Чыгышка келсек, Сирия жөнүндө жооп берүүдөн мурун, мен сизге Россиянын Ливия окуяларына карата позициясын эске салып өтөмүн. Ливияда элдик көтөрүлүштөр 2011-жылы 17-февралда башталды. 2011-жылы февралдын аяктары жана март айынын баштарында

Европа, айрыкча Франция Ливияга аскерий аралашуу чөйрөсүн, бул аралашууну тар чөйрөдө ишке ашырууну даярдап койгон эле…

Мына ушул негизде Америка мамлекеттик катчысы 2011-жылы 2-март күнү Ливияга аралашуу боюнча сенатта угуу жыйынында Кошмо Штаттар эч бир вариантты божомолдон алыс тутпашын айтты. Бирок, мамлекеттик катчы Каддафиге каршы чыгып жаткандарга жардам берүүгө каратылган ар кандай аралашуу Ливияда эле эмес, бүткүл араб дүйнөсүндө да «жаңжалды келтирип чыгарышы» мүмкүндүгүнөн да эскертти.

Мына ошондон кийин Россия тышкы иштер министри Сергей Лавров өзүнүн мамлекети Ливияга аскерий жактан тыштан аралашууга каршы экенин билдирди. Ал 2011-жылы 7-март күнү Калининград шаарында өткөргөн басма сөз конференциясында Ливия маселесине карата өзүнүн мамлекетинин позициясы өзгөрбөшүн анык айтып мындай деди: «Россия Ливиядагы кризистин чечим каражаты катары каралып жаткан чет элдик аралашууга, айрыкча, аскерий аралашууга каршы». Ал: «Ливиялыктар өз проблемаларын өздөрү чечиши керек», - деп кошумчалады. Ошондон бир нече күн өтүп Америка аскерий аралашууга ыраазылык берди жана Коопсуздук Кеңешинин 2011-жылы 17-марттагы №1973 резолюциясы артында турду. Бул резолюцияга добуш берүүдө Россия өзүнүн мурунку билдирүүлөрүн ичине жутуп, ветону ишке салбады, ал тургай, каршылык да билдирбеди, болгону добуш берүүдөн эле баш тартты. Мына ошондон кийин ушул резолюция чыкты жана Америка менен Европанын аскерий аралашуусу жүз берди. Т.а. Россия Америка аскерий аралашууну каалабай жатканда аскерий аралашууга каршы туруп келди, бирок, Америка муну каалаганда аскерий аралашууга каршы чыкпады.

Эми, Сирияга токтолобуз:

Сирияда Тунис, Миср (Египет), Ливия, Йемендеги (Йемен) араб жазы козголоңдорунан башкача бир жаңы абал жүз берди. Бул жаңы нерсе Америка жана башкаларды коркууга салып, исламий ураандардын көтөрүп

чыкты. Алар Халифалык ураандары болчу. Бул ураандар адамдардын туйгуларын этибарды тарта турган таризде козгоп жиберди. Бул жаңы кырдал ушундай бир окуяны пайда кылды дейсиң, анын алдында Батыш мамлекеттери, айрыкча, Сирияда Башардын атасы Хафиз доорунан бери саясий таасирге ээ болуп келген Америка абдырап калды.

Буазизий Ибн Али режими жана анын полициясы тарабынан зулум жана кордоого кабылгандан кийин өзүн өрттөп жибергенден тартып Батыш өзү күтпөгөн бул козголоңдорду максатынан буруп жиберүүгө жетишти. Ушул максатта Батыш өз жүгүртөктөрүн ушул козголоңдорго кошулуп, ураандарды бийик үн менен дагы да катуу кыйкырууга буюрду. Мына ошондон кийин бул жүгүртөктөр жагымсыз тогутту жоготушуп, анын ордуна азыраак жагымсыз дагы бир тогутту орнотушту. Түзүм болсо ошол эски малай республикалык илманий түзүм боюнча өзгөрбөй кала берди, болгону адамдар гана алмаштырып коюлду. Жүгүртөктөр бул ишти даяр рецепт катары кабыл алышты. Адамдарга качан эч кандай өзгөрүү болбогону ачыкталып калганда колонизатор мамлекеттер өздөрүнүн бул жүгүртөктөрүн адамдар арасына алып киргенден кийин бул жүгүртөктөр эркиндик жөнүндө кыйкыра турган болушту. Мунун акыбетинде өзгөрүү мына ушул колонизатор мамлекеттердин пландары алкагында кала берди.

Бирок, Сирияда Батыш мамлекеттеринин жүгүртөктөрү козголоңчулар арасына кирип алып мына ушундай кыйкырышы үчүн, кийин адамдарды башкарып бир адамдын ордуна башкасын орнотуусу, акыбетте бул козголоңдун аракетине чек коюу үчүн улуттук, жарандык, эркиндик жана демократия ураандары деген нерселер болбоду. Тескерисинче, Халифалыкка же Исламга чакырган ураандар көтөрүлүп чыкты, бул ураандар ушул жүгүртөктөр адаттанган таризде т.а. ушул жүгүртөктөр «мелүүндүк жана муътадилдик» деп айтып жаткан топ тарабынан көтөрүлүп чыкпады. Бул ураандарга башка жарандык жана демократиялык ураандар аралашып кеткен

болсо да, бирок, бул башка ураандар башка козголоңдордо болгондой козголоңдорго оңой эле аралашып кете турган таризде үстөм боло албады.

Ошондуктан, Американын Улуттук Кеңеш жана Улуттук Коалиция сыяктуу чет элдеги куурчактары, ал тургай, Улуттук Координациялык Кеңеш сыяктуу Сирия ичиндеги куурчактары да адамдардын колдоосуна жетише албады, натыйжада Америка кыйын абалга түшүп калды:

Бир тараптан Америка өзүнүн малайы Башардын бийлиги кулай баштаганын, ошондуктан, бул тогут өзү жана атасы 40 жылдан бери ишке ашырып келген таризде Америка кызыкчылыктарын ишке ашыра албай калганын о.э. яхудийлердин коопсуздугун камсыздай албаганын көргөн болсо, башка тараптан Сирия ичиндеги куурчактары козголоңчулар тарабынан кабыл алынбаганын да көрүп турат. Ошондуктан, Америка Башардын ордуна анын сызыгынан чыкпаган дагы бир тогутту даярдоого үлгүрбөй жатып, Башар чынында эле кулай турган болсо жаңы башкаруу Америка каалабаган таризде болушунан, Халифалык же Америка сызган сызыкка көнбөгөн башка башкаруу тикеленишинен коркуп калды. Америка мурунку козголоңдордо адаттангандай өзүн калктардын зулум жана бузгунчулукка каршы аракетинин тарапкери катары көрсөтүүгө урунууда!

Ошондуктан, Америка бул кыйын абалдан чыгып кетүү жолун издөөдө. Мында өзүн калктардын тогутка каршы чыгышынын тарапкери кылып көрсөтүүнү улантмакчы. Ошол эле учурда, Америка тогуттун кетишин – анын ордуна жаңы малайын тикелөөнү кепилдемейинче – каалабайт. Мында чыгуу жолу Россия тарабынан жүзөгө келди. Себеби, Россия Башарды колдоп-кубаттап жатат, Америка болсо өзүн Россия себептүү чечимге кудуреттүү болбогондой кылып көрсөтүүдө. Ошондуктан, Америка өкүлү Россияга барып, аны менен сүйлөшүү алып барып жатканын көрүп турасыңар. Ушул жол аркылуу Америка өзүн козголоңчулардын тарапкери кылып, Россияны болсо Башардын тарапкери кылып көрсөтүүдө, өзү менен Россияны чечим жаатында түрдүү позицияда кылып көрсөтүүдө.

Ошондуктан, Америка өкүлдөрүнүн тынымсыз сапарлары, мөөнөт артынан мөөнөт берүүлөр улануда. Максат, Башар орус куралдары менен дагы да көбүрөөк кыргын жана ойрон кылышына мүмкүнчүлүк жаратуу. Булардын баарынан Америка өзүнүн эски малайынын ордуна жаңы малайын чыгарып алып келүүгө үлгүрүп колу бошошу көздөлгөн. Бул жаңы малайды алып келүү адамдарды моюн сундуруп Америка куурчактарын кабыл алууга мажбурлоо үчүн дагы да көбүрөөк кыргын кылуу менен ишке ашабы же акыбетте жаңы бийлик коопсуздугун сактоо деген шылтоо менен Коопсуздук Кеңеши тарабынан чыгарылган дагы бир резолюция шылтоолонуп Американын аскерий аралашуусу аркылуу болобу, Америка үчүн мунун айырмасы жок.

Ошентип, Америка качан кыйын абалга түшүп калса барып Россия менен учураша турган, ал жерде сүйлөшүүлөр аркылуу чечимге жетишүүгө тиешелүү келишим бар деп көрсөтө турган, мына ошондон кийин дагы Россия менен Америка ортосунда келишпөөчүлүк бар деп көрсөтүлө турган болду. Ал тургай, Америка химиялык куралдар кызыл сызык деп жар салганда Франция ага далилдерди көрсөткөн убакта да Америка бул далилдер жетиштүү эмес деп четке какты. Ал эми, далилдер көбөйүп кеткенде Обама: Бизде далилдер бар, бирок, Россия алар тууралуу күмөн кылууда, деген сөзгө өтүп алды! Булардын баарына Америка азыркы малайынын ордуна кабыл алына турган башка малайды таба албаганы себеп болууда. Анткени, адамдар Американын чет элдеги куурчактарын да, режим менен ичкеридеги жана чет элдеги хамелеон оппозиция өз ара келишип алган өткөөл өкмөттү да кабыл албай жатат. Ошондуктан, Америка азыр «камчы жана шириндик» саясатын биргеликте алып барууга урунууда. Урунуп эле калбастан, Башар топтору жана жардамчыларынын самолётторун жана ракеталарын «камчы» катары, оппозицияга болсо Башар самолётторуна жана ракеталарына карыш күрөш үчүн т.а. Россия Башарга кыргын жана ойрон кылуу үчүн берген курал-жарактарга каршы күрөш үчүн бир катар шарттар

негизинде  курал жеткирип берүүдөн турган «шириндикти» да тартуу кылууда. Америка, Европа, алардын союздаштары жана жүгүртөктөрү оппозициядагыларга анык өлүм алып келе турган шарттар нгегизинде курал-жарактарды беришүүдө. Ошондон кийин Башардын кол салуусуна каршы сокку берилди деп жар салышууда. Максат оппозиция менен режим ортосунда өткөөл өкмөт туурасында сүйлөшүүлөр жүргүзүү үчүн Женева конференциясына мажбурлоо көздөлгөн. Жакында Доха конференциясында да ушундай болду. Себеби, Американын бүткүл ташбиши өзгөрүүнү көзөмөлгө алуу. Россия болсо мындай иш-аракетке каршы чыкпайт, тескерисинче, Россия ушул багытка кызмат кылууда!

Ошентип, демек, орус-америка позицияларын дыккат көзөткөн адам экөөсү бири-бирине карама-каршы эместигин көрөт, тескерисинче, Россиянын иштеринен Америка максаттарына кызмат кылуу көздөлгөн. Россия дагы бир Америка малайы эски малайынын ордуна келишине жол даярдоо үчүн Америкага ушундай кызмат кылууда.

Ливияда да ушундай болгон. Анткени, ошондо Америка саясий же аскерий чечимге келгенде Россия вето укугунан пайдаланбашы күтүлгөн болчу. Ал тургай, Коопсуздук Кеңеши тарабынан реозолюция чыгышы күтүлгөн эле. Булардын баарына Ортоңку Чыгыш Россиянын саясий таасир майданы эместиги себеп болот, тескерисинче, Ортоңку Чыгышта Россия Америка сызыгына ылайык аракет кылууда.

Тыянак ушул, Россия Сирия кризисине карата саясий жактан Америкага каршы чыкпайт. Тескерисинче, Россия Американын чечим жаатындагы алдыңкы фронту болуп эсептелет. Ошондуктан, Россия адамдарды Америка куурчактарын кабыл алууга мажбурлоо үчүн Башардын кыргын жана ойрон кылышын колдоп-кубаттоодо.

Америка, Россия, Европа, алардын союздаштары жана жүгүртөктөрү мына ушундай иш-аракеттерди алып барууда. Ал эми, Үммөт аткара турган ишке келсек, Үммөт арасында – Аллахтын уруксаты менен – садик, калыс эр

кишилер бар. Ошондуктан, зулум жана караңгылык канчалык күчөп узакка созулбасын, акыбет, бир аз убактан кийин болсо да такваларга таандык болот. Аллах Азиз, Хаким Зат.

**20-шаъбан, 1434-х.**

**29-июнь, 2013-м.**

## Хельсинкидеги Америка-Россия саммити

**Суроо:** *Орусия менен Америка лидерлери 16-июлда Финляндиянын борбору Хельсинкиде саммит өткөрүштү. Бул нерсе эки өлкө ортосундагы чыңалуунун аягына чыккандыгын түшүндүрөбү? Бул саммит 12-июлда Брюсселде болуп өткөн саммиттеги Америка жана анын союдаштарынын ортосунда жүз берген чыңалууну жайгара турган саммит болушу мүмкүнбү? Бул нерсе Кытай менен Орусиянын алакасына таасирин тийгизеби? Бул саммиттин Сирия маселесин да жөнгөрүүгө таасири болобу?*

**Жооп:** Хельсинкидеги Америка менен Орусия ортосунда болуп өткөн саммит тууралуу берилген бул суроолорго жооп берүү үчүн төмөнкү нерселерге токтолуу керек:

2014-жылы Орусия Крым жарым аралын өзүнө кошуп алгандан бери Америка менен Орусия ортосунда чыңалуу жүз берди. Америка жана Батыш Орусиянын бул кылганына каршы жооп катары ага каршы экономикалык санкцияларды киргизди. Бул эки өлкө ортосундагы чыңалуу Обама мөөнөтүнүн акыркы учурларында күчтүү түс алды. Анткени алар Орусияны Америкадагы президенттик шайлоодо Трамптын пайдасына карата аралашып жатат деп айыпташкан. Ошол маалдан бери бул эки өлкө ортосунда жогорку деңгээлдеги жолугушууларга чек коюлган эле... Бирок, ошого карабастан бул саммитке чейин эки өлкө башчылары эки ирет жолугушуу өткөрдү, 2017-жылы Германиянын Гамбург шаарындагы өнүккөн 20 мамлекеттин саммити алкагында жолугушту. Андан соң, 2017-жылы ноябрь айында Вьетнамда «APEC» саммити алкагында жолугушту. Бирок, бул жолугушуулар саммит

алкагына көтөрүлө алган эмес. Болгону алардын ортосундагы талаш-тартыштуу документтер тууралуу гана кыска жолугушуулар болгон. Трамптын бир жарым жылдык башкаруу мезгилинде Орусия Америка менен биргеликте саммит өткөрүүгө аябай ынтызар болду. Бирок, Америка муну артка сүрүп келди. Америка бул артка сүрүүсү менен Орусияга карата кысым кылды. Орусия эки өлкөнүн алакасы жакшырышына Трамп тараптан бир демилге болуусун гана күтүп калган, бирок, алаканын жакшырып кетиши өтө оор экенин да сезип жаткан. Анткени, Америкада Трампка карата аябай каршылыктар бар эле. Иликтөө иштеринде да Орусияга каршы бир топ иштердин бети ачыла баштаган. Трамптын админстрациясындагы кээ бир жооптуулар Орусия менен кызматташты деген кине менен жумуштарынан айдалды.

Мына ушундайча Америка менен жогорку деңгээлдеги саммит өткөрүү Орусия үчүн кыялга айлана баштаган эле. Качан гана Америка саммит өткөрүүгө токтом кылгандан кийин гана Орусиянын бул кыялы ишке аша турган болду. АКШнын Улуттук коопсуздук кызматынын басма сөз катчысы Harriet Marques 21-июнда АКШнын Улуттук коопсуздук боюнча кеңешчиси Болтон Америка менен Орусия ортосунда саммит өткөрүү боюнча Москвага иш сапары менен барарын жарыя кылды. («Спутник» агенттиги, 2018.06.24). Ушуга негизделип, 16-июлда боло турган саммитте көтөрүлө турган маанилүү маселе Орусия эмес, Америка эмне маселе козгоорунда жатат. Ошондой эле ал саммиттин алкагында эмне каалайт? Муну төмөндө ачыктап беребиз:

1 – Баардык ишараттар Америка Орусияга карата дагы эле кысымын улантып жатканын көргөзүп турат. Саммит өтүшүнөн эки күн мурун Америка чалгын кызматчылары Орусиянын хакерлери Америкадагы шайлоого чабуул кылды деп айыпташты. Американын юстиция министирлиги Орусиянын он эки чалгын офицери 2016-жылкы президенттик шайлоодо демократтар партиясынын эсептик счетун талкалап кирген деп

айыптады. Юстиция министринин орун басары Род Розенштейн мындай деди: «Айыпталуучулар зыяндуу программанын негизинде «найза уусу» аталышындагы программа аркылуу талкалап киришкен». Ак үй күтүлүп жаткан Трамп менен Путиндин жоолугушуусу болоорун айтты. («Аль год мисрий» гезити, 2018.07.14). Ошондой эле Путин менен Трамптын Хельсинкидеги жолугушуусунан кийин 16-июлда «Аль жазира» каналы Америка Орусия пайдасына чалгынчылык кылган деген доомат менен орус аялды кармагандыгын жарыя кылды. Ушуга окшогон амалдар менен Америка коопсуздук кызматы бул эки өлкө ортосунда саммит өткөндүгүнө карабастан, Орусия күтүп жаткандай ага карата кысымды бошоңдотподу. Ошондуктан, бул жерде Америка Орусиянын саммит өткөрүү боюнча мурунку жана жаңы сунушуна макулдук берип жаткандыгына башка түрткү себеп болду. Ал түрткү кайсы экендиги саммиттин жүрүшүндө билинди.

2 – Америка менен Орусиянын саммити АКШ Европа, Кытай менен болгон соода согушуна сүңгүп кирип жаткан мезгилге дал келди. Ачык көрүнүп тургандай, Америка бул эки каршылашына каршы, саммитти өткөрүү аркылуу Орусияны өзүнө тартуу оюу менен аларга каршы иш алып барууга чечим кылды!

Ал эми, Европага каршы иш алып барууусуна токтоло турган болсок: Америка Брюсселде НАТОго мүчө мамлекеттер менен аябай каршы пикир келишпестиктерге барды. Саммиттин артынан эле Орусия менен саммит өткөрүү убактысын белгиледи. «Бүгүн Брюсселде аябай чыңалуу менен өтүүсү күтүлүп жаткан саммит башталды. Айрыкча Вашингтон менен анын Европадагы союздаштары арасында соода, коргонуу жаатына коротула турган каражат жана Иран өзөктүк келишими тууралуу маселелер бар. НАТОнун башкы катчысы Йенс Столтенберг «Союздаштар арасында көптөгөн пикир келишпестиктер» бар экендигин тастыктады». («Россия сегодня», 2018.07.11). Альянстын тарыхында биринчи жолу Америка президенти Трамп Евро Биримдикти «каршылаш» деп сыпаттады. Ошондой

эле Американын Орусия менен саммит өткөрүүсү да Европалыктарга каратылган кысым. Анын баяны төмөнкүдөй:

а) Америка Украина маселеси боюнча Орусия менен бир ымалага келишип жатканы менен Европаны коркутууга алды. Европа кеңешинин төрөгасы Дональд Туск Америка мамбашы Трамп Орусиянын Украина жаатында алып барып жаткан саясаты аны кызыктырып жаткандыгын белгилеген. Ошондой эле Трамп Украина жаатында жигердүүлүгү алда канча азайып калгандыгын да моюндаганы тууралуу билдирди. Туск Польшанын «TVN 24» телеканалына берген маегинде дагы кошумчалап: «Мени менен бир нече жолу болгон сүйлөшүүлөрдө Трамптын Украина жаатында анын жигердүүлүгүн байкай алган жокмун. Анын көңүлү Орусия Украина жаатында алып барып жаткан нерсеге көбүүрөөк бурулуп жатат», («Россия сегодня», 2018.07.15). Трамптын өткөн июнь айында Канадада өткөн «чоң жетилик саммитинде» жар салган «Крым жарым аралы Орусияга кайтарылышы керек. Анткени, анын жашоочуларынын көпчүлүгү орус тилинде сүйлөшөт» («Россия сегодня») деген билдирүүсү тутанган отко май чачкандай эле болду. Анткени, бул нерсе Европа үчүн талылуу. Европа Орусиянын Украинада кылып жаткан иштерин Европанын коопсуздугу менен ойноп жатат деп түшүнөт. Ага мүмкүнчүлүк берүү таптакыр мүмкүн эмес деп билет. Трамптын билдирүүсү ЕБ үчүн коркунуч жетип барганын билдирет. Анткени, бул Орусия Европа картасын чыгыш тарабынан бузуп кирип келе жатат дегенди түшүндүрөт.

б) Америка президенти Европаны Орусияны «чоң жетиликке» кайрадан кошоору менен да коркутууга алды. Ал 8-июнда оор өнөр жайы өнүккөн «чоң жетиликтин» лидерлерине Орусияны кайрадан кошуп алуу тууралуу пикирлөөгө чакырды. Трамп Канаданын Квебек аймагындагы Амальбеде өтө турган чоң жетилик саммитине сапар тартышынан мурда мындай деди: «Алар Орусияны куушкан. Алар аны кайра кайтарышы керек. Анткени Орусия сүйлөшүүлөрдө биз менен бирге болушу керек». Ал эми,

Орусия Крымды кошуп алгандан бери «чоң сегиздиктен» үмүтүн үзүп калган. («Аль арабия нет», 2018.06.08).

в) 15-июлда «Аль жазиира» каналы НАТО саммити аяктагандан кийин: «Европа жетекчилери Америка менен Орусиянын жакындашуусуна бушайман болушту», - деп билдирди. Европанын Америка менен Орусиянын жакындашуусуна тынчсызданып жаткандыгына ишаарат кылып турган нерсе Германиянын ТИМи. Германиянын ТИМи Haikou Mas Трампты Орусия президенти Путин менен боло турган жолугушуусунда европалык союздаштарына каршы жекече чечимдери менен келишим түзүүсүнөн эскертти. Ал «Bild» газетасына берген маегинде мындай деди: «Америка европалык союздаштарына каршы жекече келишим түзүүсү Американын өзүнө да сокку болот. Ким союздашына сокку урса, ал оюнда жеңилүү ызаасын тартат». («Россия сегодня», 2018.07.15). Кийин Орусия менен Американын бири-бирине жакындашы себептүү Орусия Крымды кошуп алгандыгына карата киргизилген Европанын ар бир алты айда жаңыланып турган санкциялары өз күчүн толук жоготушу мүмкүн. Натыйжада, Орусия Европа мамлекеттерине көңүл да бурбай калат.

г) Саясатта дипломатиялык жолду эмес, түркөйлүк жолду тутунган Америка президенти Трамп Европа мамлекеттерине каршылыгын ачык түрдө кылып жаткандыгын улантып жатат. Айрыкча Орусиядан газды сатып алуу маселесинде Германияга карата катуу каршылык кылып жатат. Муну 17-июлдагы суроо-жоопто да айтып өткөнбүз: Кээ бир учурда «душман» катары санады. Кээ бир учурда Лондондо өткөн Америка-Британия саммити алкагында Британия өкмөт башын ага каршы тукурду. «Би би си» маалыматына ылайык, Тереза Мей Трамптын ага берген насыйкаты тууралуу мындай деди: «Ал мага сүйлөшүүлөргө кирбестен Евро Биримдиктин чачырашы жаатында иш алып барышымды айтты». («Би би си», 2018.07.15). Британия ЕБден чыгып кетүү ниетин ачык билдиргенине карабастан, ал ЕБдеги мамлекеттерге каршы иш алып барат. Ошондой эле Орусияга да

ушундай эле көз караште карайт. Орусиянын Британия тараптан козутулуп жатканы да Америка-Орусия саммитине каршы зыян келтирүүгө каратылган. Аба кыймылын көзөмөлдөө боюнча башкармалыктын атайын адиси: «Британияга таандык аба чалгын тик учагы Крым жарым аралынын жээгине жакынкы аралыкта чалгындоо учууларын кылган». («Россия сегодня», 2018.07.15).

Мына ушундайча Америка Орусияны «чоң жетиликке» кайрадан кошом деп Орусия басып алган Крымды Орусиянын бир бөлүгү катары саноого ишаара берди. Орусиянын Украинанын чыгыш аймакатарындагы (Донецк, Луганск) басып алуу иштерин да көңүл сыртында калтыруу аркылуу Европа мамлекеттерине карата катуу кысым кыла баштады. Америка Орусия менен саммит өткөрүү аркылуу аны менен болгон алакасын жакшыртуусу да Европага каратылган кысым. Бул кысым Европага түздөн-түз каратылбаган күндө да Европа Америка талаптарына жооп берип НАТОдогу кошумча 2% каржылоону төлөөсү керек... Тактап айтканда, Америка Орусия менен алакасын жакшыртуу аркылуу Европа мамлекеттерине карата кысым кылды. Мына ушул нерсе Трамптын Путин менен биргеликте саммит өткөрүүсүндөгү негизги максат болуп саналат.

3 – Ал эми Кытай багытына келе турган болсок иш төмөнкүдөй негизде кетип жатат:

а) Америка-Орусия саммити Американын Кытайга каршы соода согушуна кирип жаткан учурда орун алды. Кытай Түндүк Кореяны эпке келтирип, Корея жарым аралында согуш мүмкүндүгүн алыстатуу аркылуу Түндүк Корея маселесин тынчтык жол менен чечилишине мүмкүндүк жаратып берди. Америка Кытайдын бул кызматынан пайдаланды. Анын натыйжасында 12-июнда Сингапурда Корея-Америка саммити орун алды. Кытай бул кылган кызматы үчүн Америка мамбашы тараптан мактоо алды. Бул иштер бүтөөрү менен Трамп Кытайга каршы президент болоордон мурдагы убадаларын ишке киргизүүгө өттү. Америка Кытайдан импорттолуп

алынган товарларга карата бажы салыгын жылына 50 миллиард долларга көтөрдү. Кытай буга каршы жооп катары Америкадан импорттолгон товарларга бажы салыгын ушул эле суммада көтөрдү. Америка башка планды ишке салып, Кытайдан импорттолуп жаткан өнүмдөргө карата 200 миллиард долларлык товарга бажы салыгын киргизди. Кытай буга каршы мындай жол менен жооп берүүгө кудурети жетпеди. Анткени ал Америкадан 130 миллиард долларлык баада гана товар импорт кылат. Ошол эле учурда, ал Америкага 500 миллард долларлык товар экспорт кылат. Ошондуктан, Кытай Америка менен болгон соода согушунда Америкага каршы башка жол менен жооп берүүнү караштыра баштады...

б) Кытайдын бул аракеттеринин бири анын Орусия менен болгон жакындашуу аракети болду. 2014-жылы Орусия чыгарылган Канадада өткөн «чоң жетилик» саммитине утурлай Шанхай Кызматташтык Уюму саммити 10-июнда Кытайда өттү. Бул жолугушууларда дүйнө бөлүнүп жатканы көрүнүп турат. Батыш Канадада, Чыгыш болсо Кытайда жыйналыш өткөрдү. Бул нерсе 1991-жылы СССР кулатылгандан баштап Америка дүйнөгө өз кожоюндугун орноткондон кийинки Америка үчүн жагымсыз көрүнүш болду. Америка Шанхай Кызматташтык Уюмунда негизги эки эле мамлекет (Орусия, Кытай) роль ойноорун жакшы билет. Америка Кытай менен соода согушуна сүңгүп кирип бара жатат. Орусияга карата экономикалык санкцияларды киргизип жатат. Дагы бир тараптан Америка Орусия менен Кытай Америкага каршы саясатта бири-бири менен жакындашып кетүүсү мүмкүн деп карады. Америка бул эки мамлекетти эл аралык саясат жана соода жаатында каршылашы катары санайт. Америка Орусияга жана Кытайга каршы каратылган бул саясаты Орусия менен Кытайды мындан ары жакындашып кетүүсүнө түртөт деп билди. Айрыкча, аскерий жаатында. Орусия менен Кытай экөө тең бир мамлекет (АКШ) менен каршылашып жатканын сезишти. Эгер, алар биргеликте кызматташа турган болсо Америкага каршы тура алаарын да түшүнүштү. Кытайдын Коргоо

министринин билдирүүсү бул эки мамлекеттин сезимдерин ачыктап турат. Орусиянын Коргоо министири Сергей Шойгу Кытайдын Коргоо министри Вэй Фэн, аскерий делегаттар менен Москвада эл аралык коопсуздук боюнча өткөн конференцияга катышуу алкагында аларды кабыл алды. Вэй Фэн Сергей Шойгу менен жолугушуу учурунда анын Москвага болгон бул иш сапарынын максаты тууралуу мындай деди: «Эл аралык коопсуздук тууралуу Москвада өтүп жаткан конференцияда Кытай Орусия тарапта экендигин билдирди. Ошондой эле азыркы кырдаалга жараша Кытай Орусия куралдуу күчтөрүнүн бири-бири менен болгон байланышы күчтүү экендигин Америкага билдирип коюу үчүн Кытай делегациясы Москвага келди», - деди. Дагы минтип кошумчалады: «Эл аралык маанилүү маселелерди жөнгө салууда Кытай Орусия тарап менен бир позицияда». («Россия сегодня», 2018.04.03).

в) Ошондуктан, Америка Орусияны өзүнө тартып, ага карата өз эшигин ачса Орусия Кытай жакындашуусунун алдын алып ага чек коём деп түшүндү. Алардын бири-бири менен кызматташуусу толук ишке ашып кете элегинде анын алдын алып калуу планын ишке салды, айрыкча, аскерий жаатта. Америка Орусиянын аскерий кубатын билет. Бул аскерий кубаттын баары же бир бөлүгү Кытайдын аскерий кубатына жанма-жан тура турган болсо, Американын саясатын иштен чыгара турган күчкө айланаарын да сезди. Тактап айтканда Вашингтондун талаптарына моюн толгой баштайт. Америка Орусия менен Кытайдын жакындашып кетүүсү жеңил эле иш экенин да аңдады. Анткени, Орусия Батыш менен болгон алакасынын изден чыгып жаман болуп кетиши себептүү өзүнө жаңы стратегиялык өнөктөш катары Кытай тарапка жүзүн бура баштады. Америка эгер Орусияны өзүнө карай тарта алган бирер кадам кыла алса, анын Кытай тарапка болгон жолун бууп коюу кысымы жеңил ишке ашат деп түшүндү.

Ошондуктан, Вашингтон Орусия-Америка алакалары мурдагыдай болот деген үмүт берүү үчүн эки өлкө ортосунда саммит өткөрүү аркылуу Орусияга

карай өз эшигин ача баштады, тактап айтканда, Орусия-Кытай жакындашуусуна чек коюу үчүн. Америка Орусия менен жакындашуу максатын эртелеп саммит аркылуу ишке ашырууну көздөсө да, Америка менен Москванын жакындашуусу кийинки кадамдарды талап кылат. Бирок, Америка Орусия менен Кытайдын жашыруун союзун жеңил эле изден чыгарып коюшу толук мүмкүн. Америка ар түрдүү кадамдарды ишке салат. Бирде саммит өткөрүү аркылуу Орусия менен жакындашса, бирде Кытай тарапка туруп Кытайдын соодага болгон кызыкчылыгын кандырып коюшу мүмкүн. Анткени, Пекиндин эң негизги кызыкчылыгы бул соода пайдасы. Кытайдын Орусия менен алакасында мынчалык кызыкчылык жокко эсе.

4 – Трамп Кытай менен Евро Биримдикке карата басым кылууну күчөтүү максатында, керек учурда ишке сала тургандай кылып Орусия-Америка жолугушуусунун эшигин ачык калтырды. Ошон үчүн Хельсинкиде жабык эшик артында өткөн Путин менен жолугушуусунан кийин бул саммит «жакшы башаталыш» деп билдирүү берди. («Россия сегодня», 2018.07.16). Ушул эле каналдын түз алып берген маалыматына ылайык, 2010-жылы түзүлүп 2021-жылы аягына чыга турган өзөктүк куралсыздандыруу конвенциясы алкагында иш алып баруу тууралуу сүйлөшүүлөр мындан ары да уланаары айтылды. Трамп Америка менен Орусия алакалары төрт саат мурда эле жаман абалда эле азыр болсо түп тамырынан өзгөрдү деп билдирүү берди... Бул жалпы айтылган сөздөрдүн баарысы Жон Болтондун билдирүүсү менен толук түрдө үндөшүп турат. Ак үйдүн улуттук коопсуздук боюнча кеңешчиси Жон Болтон «NBC» каналынын «бул жумада» аталышындагы программасына берген маегинде мындай деди: «Биз жана Орусия тарап жолугушуу ачык түрдө калуусуна макулдаштык. Биз сезилээрлик натыйжа издеген жокпуз». Американын Орусиядагы элчиси Жон Хантсман «NBC»ге берген маегинде: «Бул саммит эмес... Бул жолугушуу... бул биздин азыркы алакаларыбыздагы кээ бир чиеленишкен тобокелдиктерди азайтуу жана аны

жөнгө салууну байкап көрүү аракети болуп саналат», - деди. («Reuters», 2018.07.16).

5 – Бул нерсе тастыктап тургандай Америка Орусия менен алакасын жакшырткандан кийин да ага карата басым өткөрүүсү өз күчүндө калат. Бирок, ал эл аралык абалга жараша Американын ЕБ жана Кытай менен болгон соода согушунун абалына жараша өз түсүн өзгөртүп турат. Америка Орусия менен жакындашып Европаны коркутууга алууну туура көрдү. Америка Орусияны эл аралык майдандан обочолонтпой аны өзүнө карай тартып ага кайрадан үмүт берип, анын Кытайга болгон жакындашуусунун алдын алууну Орусияны Кытайдан алыстатууга болгон туура кадам деп түшүндү. Дагы бир тараптан – Орусия Сирия маселесинде Башардын бийлигин сактап Америка кызыкчылыгына кызмат кылып бергени сыяктуу – башка эл аралык маселелерде да Орусия Америка талаптарына жооп бериши үчүн ага саммит өткөрүү аркылуу үмүт берди! Ушуга негизделип, бул саммит чектелүү эл аралык маселелерди жөнгө салууга эмес, балким Кытай жана Европага жолдонгон кат болду. Мындан тышкары бул саммитте билдирүүлөрдүн баардыгы жалпы түрдө берилди, белгилүү бир нерсе тууралуу берилбеди. Бул нерсени эки тараптуу билдирүүлөр тастыктап турат, Трамп Путин менен болгон сүйлөшүүсү тууралуу мындай деди: «Соодадан баштап, баардык иштер: аскерий жаат, ракета жана Кытай, ошондой эле шериктеш досубуз Си Цзиньпинь тууралуу да бир аз сүйлөштүк». Орусия президенти Путин Хельсинкидеги саммиттин баталышында Трампка мындай деди: «Вашингтон менен Москва алакалары тууралуу сүйлөшүү убактысы келди. Эки өлкө ар тараптуу эл аралык маселерди да талкуулоосу зарыл». («Reuters», 2018.07.16). Ошондой эле Орусиянын ТИМи Лавров Хельсинкидеги саммит тууралуу мындай деди: «Бул жолугушуу эч кандай келишимге жетишилбестен, биздин позициялар ар кандай болгон баардык татаал эл аралык маселерди жөнгө салууда бири-бирибиздин көз караштарыбызды жакындаштыруу үчүн өткөрүлгөн иш чара». («Аль

жазира», 2018.07.16). Саммитте мындай жалпылаштырылган билдирүүлөрдөн көрүнүп тургандай, бул саммитте эл аралык маселелерди чечүү көздөлгөн эмес. Бул нерсе саммитти чагылдырып көргөзгөн массалык маалымат каражаттарында ачык эле көрүнүп турат. Мисалы, эки тарап «Израилдин» коопсуздугу тууралуу макулдашышты. Трамп: «Израилдин коопсуздугун камсыздоо – мен жана Путин абдан каалап жаткан иштерден», - деди. («Reuters», 2018.07.16). Эки тарап Сирияга 1974-жылы Сирия түштүгүндө согуш аяктагандан кийин келишилген бирдиктүү күчтөрдү кайрадан киргизүүгө чакырышты... Мунун баары жаңы көтөрүлүп жаткан иштерден эмес. Америка менен Орусия мындай маселелерди мурдатан эле көтөрүп келе жаткан иштер. Бул маселелер Орусия менен Американын саммит өткөрүшү үчүн болгон иштер эмес. Ошондой эле өзөктүк куралсыздандыруу маселеси да саммит өткөрүүнүн өзөгү эмес. Америка президенти Трамп өзөктүк куралсыздандыруу көйгөйү Америка Орусия чече турган негизги маселе катары этибар каратты. Трамп «Fox News»га берген маегинде: «Дүйнөдөгү 90% өзөктүк курал Орусия менен Америкага таандык экендигин билдирди. Ошондой эле өзүнөн мурдагы президент Обама дүйнөдөгү негизги маселе дүйнөлүк аба ырайынын жылышы жана аны чечүү негизги маселе катары көтөргөндүн сындады». («Россия сегодня», 2018.07.17). Ар бир аң-сезимдүү адам Америка менен Орусия өзөктүк куралсыздануу маселесин өздөрү айтып, бирок ошол маселени чечүү үчүн эмес, башка маселе үчүн саммит өткөрүп жаткандыктарын оңой эле түшүнүп алат.

6 – Ал эми, саммиттин Сирия маселесине тийгизе турган таасирине келе турган болсок, Америка Орусиянын Сирия жаатындагы саясаттарында бул жаңы чыга калган маселе эмес. Бул эки мамлекет Сирия маселесин жөнгө салууну мурдатан эле келишип алышкан. Бул экөө ошол келишимдери ийгиликтүү ишке ашышын күтүп жатат. Балким ал келишим Обама менен Путиндин 2015-жылдын 29-сентябрдагы жолугушуусунда түзүлгөн. Анда

Орусия Сирия жаатында Америка кызыкчылыгына кызмат кылууга толук макулдук берген. Ушул эле маалда Орусия Сирияда Дерааны бомбалоого алганы сыяктуу аскерий иш-чараларды түздөн түз алып барууда. Америка болсо анын бул иштерин колдоого алууда. Ошондой эле Сириянын түштүгүндө Сирия оппозициясына жолдогон катында «Америка Дераага каршы чабуулда аларга эч качан жардам көргөзбөйт» дегенди билдирген. Ошондуктан, бул жерде Сирия козголоңун изден чыгаруучу Америка Орусия аскерий аракетинде жаңыча кадамдар бул саммитте орун алган жок.

Ал эми, Сириядагы саясий кырдаалды жөнгө салуу жаатында Америка Сирия режими жана Орусия Сирия куралдуу оппозициясынын үстүнөн ийгиликке жетишин күтүп, аны артка сүрүп келе жатат. Алар качан гана Сирия куралдуу козголоңчуларынын үстүнөн ийгиликке жетишикенде гана Америка өз кызыкчылыгына жараша Орусиянын кээ бир ролу менен же ансыз деле Сирияны толук камтыган саясий иш-чараны ишке салат. Бул саясий иш-чара тууралуу Америка аны кечиктирип жатышы же Орусиянын роль ойноп бериши же бербешине ишаара кыла турган нерсе саммит алкагында орун алган жок...
Орусия Американын Сирия жаатындагы саясатынын максаты – Орусияны Сирия маселесине аралаштырбай коюу экендигин түшүнүп жатышы күмөн жаратат. Бирок, Орусия Америка аны Украина маселесинде, айрыкча Крым жаатында аны муунпаштыгын үмүт кылып жатат... Трамп Орусиянын Крым тууралуу үмүтүндө анын бүйүрүн кызыта турган сөздү айтып койду. Биз жогоруда айтып кеткендей өткөн июнь айында «чоң жетилик» саммити алкагында Трамп: «Крым Орусиянын бир бөлүгү болушу керек. Анткени анын жашоочуларынын көпчүлүгү орус тилдүү» деген. («Россия сегодня», 2018.07.15). Бул нерсе Европа үчүн чоң коркунучтардын бири. Анткени, Европа Орусиянын Европа картасынын чыгыш чек арасын бузуп келе жатканын кооптонот. Орусия Трамптын билдирүүлөрү негизинде өзүнүн жаман амалдары себептүү торго түшүп калышы мүмкүн. Балким, ал түшүп

да калган. Орусия Сирияда Америка кызыкчылыгына кызмат кылып мусулмандарга карата кыргын уюуштурганы себептүү мусулмандардын жек көрүндүсүнө айланды.

Американын, Орусия жана алардын куйруктарынын мусулмандарга карата кылган мындай кек душмандыктары эч качан мусулмандардын эсинен кетпейт. Күндөр айланып туруучу, кылмыш өз ээсин эч качан куткарбайт.

***«Жакында мындай кылмышкерлерге кылып өткөн айла амалдары себептүү Аллахтын алдынан кордук жана жан чыдагыс азап жетет»*** [6:124]

**8-зул-каъда, 1439-х.**

**21-июль, 2018-м.**

## Американын Орусия менен болгон ракеталык келишимден чыгуусу

**Суроо:** *Америка ТИМи 1987-жылы Орусия менен кыска жана орто аралыктагы ракеталарды кыскартуу жаатында түзүлгөн келишимден АКШ ушул айда расмий түрдө чыгып кетээрин билдирди. Американын бул келишимден чыгып кетүүсү эмнени билдирет? Орусия иш жүзүндө келишимге доо кетирдиби же бул Америка чыгып кетүүгө карай колдонуп жаткан шылтоосубу? Эгер, Орусия келишимди бузбаса, анда Американын келишимден чыгып кетүүсүнүн максаты эмне? Аллах ыраазы болсун.*

**Жооп:** Жооп түшүнүктүү болушу үчүн төмөнкү нерселерге токтолуп өтүү зарыл:

Биринчиден: Ооба, жума күнү Американын мамкатчысы Майк Помпео Американын Орусия менен болгон кыска жана орто арылыктагы ракеталарды кыскартуу жаатындагы келишимге комментарий берип мындай деди: “Алты ай аралыгында Орусия менен болгон келишимден Америка чыгаарын расмий түрдө Орусия тарапка билдирүүнү жолдойбуз”. Ал дагы баса белгилеп мындай деди: “Алтынчы күндөн баштап АКШы кыска жана орто аралыктагы

өзөктүк державалар келишиминин милдетенмелерин аткарууну токтотот". Ал дагы басым койуп мындай деди: "Эгер, Орусия келишим милдетенмелерин аткарууга кайтпаса, анда ага амал кылуу токтотулат". ("Арабия 21", 2019.02.01.). Американын мындай кадамга барышы күтүлүп жаткан, анткени бир топ ай аралыгында Америка Орусиянын "НФ" келишими милдетенмелерин аткрып жаткандыгына күмөдүүлүгүн билдирип айтып келген. Трамп мындай деди: "Бизге карата тыюу салынган куралды Орусия аны жасоосун улантуусуна АКШы эч качан мүмкүндүк бербейт". ("Би-Би-Си", 2018.10.21.). Ал эми, Орусия Трамп админстрациясы тарабынан мындай кадамды күткөн эмес. Орусия ТИМнин орун басары Сергей Рябков мындай деди: "Бул кадам өтө опурталдуу кадам болот. Ошондой эле курч сынга кабылат". Ал Орусиянын "ТАСС" агентигине берген маегинде мындай деди: "Бул келишим дүйнөлүк коопсуздукту камсыздоодо курал жарышын алдын алуучу жана стратегиялык туруктуулукту сактоо үчүн маанилүү". Рябков АКШнын бул кадамын жемеге алып мындай деди: "АКШ шантаж кылуу аркылуу (Оруссиянын) чегинүүлөргө баруусун калап жатат". ("Би Би Си", 2018.10.21.). Америка келишимден расмий түрдө чыгып кетээрин жар салгандан кийин Орусия да ушундай негизде эле жооп кайтарды: Орусия ТИМи Лавров Ашхабадда өткөн басма сөз жыйынында мындай деди: "Мамбашы Путин бул боюнча биздин позициябызды белгиледи. Биз дагы ушундай жол негизинде жооп кайтарабыз". Ал дагы кошумчалап: "Американлыктар келишимди аткарууну токтотушту, биз дагы келишимде каралган алты ай ичинде ушундай кадамдын негизинде келишимге амал кылууну токтотобуз. Вашингтондун келишимден расмий түрдө чыгып кетүүсү натыйжасында биз тараптан да ага амал кылуу аягына чыгат", - деди. ("RT", 2019.02.06.). Ушундан көрүнүп тургандай, Америка иш жүзүндө бул келишимден чыкты. Ал тургай, алты ай аягына чыккычакты эле. Ошондой эле Америка келишим негизинде тыйуу салынган бул ракетаны өнүктүрүү программасын иштеп чыгууну баштарын да билдирди.

Экинчиден: ал эми, Американын келишимден чыгып кетүү себеби Орусиянын “9м729” ракетасын жасап чыккан билдирүүсүн келишимди бузуу катары санады. Бул акыйкаттан алыс. Орусия бул ракета 480 км аралыкка уча тургандыгын билдирди. Башкача айтканда, 500 км аралыкка жетпеген аралык бул келишимде тыюу салынган аралыктагы ракета аралыгы. Келишим кыска аралыктагы 500-1000 километрге чейинки жана орто аралыктагы 1000-5500 км аралыктагы ракеталарга тыюу салынуусун камтыган. Орусиянын кыска жана орто аралыктагы ракеталары Америка жерине түздөн-түз жетип баруу коркунучун жаратпайт эле. Балким көптөгөн душмандар менен курчалган СССР буга окшогон куралдарды көп иштеп чыккан, айрыкча батыш Европага карата. Тээ 1980-жылдары Америка батыш Европага орто аралыктагы “Круз” жана “Першинг” ракетасын ортноткондон кийин СССР буга каршы орто аралыктагы С-20 ракетасын Европага орноткон, мунун натыйжасында Европага көбүрөөк АКШ менен СССРдин ортосундагы өзөктүк согушу майданы болуп калышы коркунучу жаралган. Ошондуктан, ал дүрбөлөңгө түшүп, орто аралыктагы ракеталарды оздуктай турган келишимге жетүү үчүн кысым кылуу аракетине өттү.

Үчүнчүдөн: ошол маалдагы Америка саясатын назар салуу менен Американын олутуу саясатын түшүнүү мүмкүн болот. Америка бир тараптан батыш Европаны коопсуздук тарабынан өзүнө байлап алды. Европа континентинин коопсуздугу Американын колуна түштү. Экинчи тараптан, 1980-жылдардын башында Америка Горбачевдин куралсыздануу жаатында көшөрүп жаткандыгын көрдү. Анын натыйжасында эки тараптуу куралсыздануу келишими бышып жетилди жана келишимге кол коюлду. Америка бул келишимди СССР көбүрөөк зыян тартып калышы үчүн кыска жана орто аралыктагы келишимге каратты. Анткени, келишим негизинде СССР өндүрүп чыгууга эбегейсиз каражат жумшаган 1800 өзөктүк ракетасын жок кылышы керек эле. Америка болсо 800 ракетасын жок кылышы керек болгон, башкача айтканда, Москва жок кылган ракетанын жарымын гана.

“1991-жылдын май айынын кирип келиши менен эки тарап келишим алкагында 2600дөн ашык ракетанын жок кылышкандыгын жар салышты. Анын ичинде Орусиянын насиби 1800 ракета”. (“Ал-Жазиира нет”, 2019.02.02.). Башкача айтканда, ракеталарды жок кылуу 1991-жылы аягына чыккан. Андан кийин болсо, келишимди аткарууну улантуу милдетенмелери өз күчүндө калган, тактап айтканда буга окшогон өзөктүк ракеталарды өндүрүп чыгаруу токтотулган.

Төртүнчүдөн: Трамптын жана андан мурунку Обама админстрациялары аткарып жаткан Америка стратегиясына карап чыгылса, дүйнөлүк кырдаал Вашингтонду өзүнүн жалпы саясатын кайра карап чыгууга мажбурлагандыгын көрүүгө болот. Америка стратегиялык негизде олутуу көйгөйлөрдү жөнгө салууга багыттанып жатканын байкоого болот, алар төмөнкүлөр:

1. Америка экономикасы: Америка өз экономикасын эл аралык майданда өз улуулугун көргөзө турган бир түркүк катары карайт. Анын экономомикасы болсо эл аралык жактан жемирилип бара жаткандыгын көрүүгө болот. Анын каршысында Европа экономикалык жактан кубаттуу болуп бара жаткандыгы күзөтүлөт, анткени ал коопсуздук жаатына жетиштүү даражада каражат жумшабайт. Себеби, ал Америка коопсуздук чатыры астында болууга кадыржам. Дагы бир тараптан, Америка үчүн Кытайдын экономикалык жактан бат өсүүсү Европага көйгөйүнөн кем калбаган маанилүү маселе. Европа эки он жылдык аралыгындагы биринчи класстагы экономикалык өнүгүү үлгүсүн кура алды. Ал эми, Кытай болсо Азия өнүктүрүү банкы сыяктуу Американын эл аралык банкына коркунуч жарата турган эл аралык каржы институттарын түптөдү. Бул эл аралык экономикалык олку-солку акыйкаттары Американын эл аралык жактан көзөмөлгө алып туурусуна түркүк болуп жаткан экономикасына шек туудура баштады. Ошондуктан, ал аскерий жактан үстөм болууга бел байлады. Башкача айтканда, ат салышып жаткан мамлекеттерди коркууга салыш үчүн

өзөктүк ракета азуусун көргөзмөкчү болду. Америка Трамп мезгили учурунда өз максатын жашырбастан ачык-айкын эле билдиргенге айланды. Америка мамбашы Тармп “Америка башкаларды эсине келтирип койуу үчүн өзөктүк кудуретин күчөтөөрүн” билдирди. (“Явму саабиг”, 2018.11.06.).

2. Америкага каршы Европа багыттары: Франция мамбашы Макрон Орусия жана Кытай коркунучуна каршы Европа армиясын түзүүгө чакырды, балким Америка коркунучуна каршы. Трамп Америка өз коргоосунда турган, жада калса анын коопсуздугу үчүн каражат жумшалып жаткан Европага каршы коркунуч жаратат деп Европа кантип ойлоп жатат деген суроону койду. Ошондой эле, Европа климат келишими сыяктуу көптөгөн маселелер жаатында да ага каршы боло баштады. Американын Иракка каршы согушу. Ошондой эле араб, исламий жана африкалык токтобогон чыр-чатактар күрөшү алкагында да, балким Европа бул жаатта Кытай менен көбүрөөк кызматташа баштады... Ушунун баары Американы Европага карата Орусия коркунучун кайтарууга багыттады. Американын келишимден чыгып кетүүсү Орусияны ракеталарды кайра иштеп чыгуусун жандантууга түртөт. Бул болсо биринчи кезекте Орусияга жакын жайгашкан Европага оорчулук алып келет, анткени келишим Европа аймагында өзөктүк жарышууга чектөө койууга каратылган. Бул боюнча Германия ТИМи Хайкоу Мас “Рейтер” агентигине берген маалыматында мындай деди: “Бул келишим дээрлик 30 жыл аралыгында Европа коопсуздугу үчүн негизги түркүк болуп берген”. (“Спутник Россия”, 2018.10.21.). Андан мурун Хайкоу Мас Германия маалымат агентигине берген билдирүүсүндө: “Германия Европа аймагында орто аралыктагы жаңы ракеталардын жайгашышына мүмкүн болушунча каршы турарын билдирди. Үчүнчү күнү массалык маалымат каражаттарында чыккан маалыматта Хайкоу Мастын билдирүүсү берилген, анда: “Кандай кырдаал болбосун, Европа жаңы куралдануунун жарышы жүрө турган аймак болуп калбашы керек”, - деди”. (“Ал-Вефак Онлайн”, 2018.12.28.). Андан мурдараак Франция мамбашы Эммануэль Макарон мындай деди: “Кыска

жана орто аралыктагы ракеталарга чек койо турган келишимден Американын чыгып кетиши Европа коопсуздугун коркунучта калтырат. Макарон “Европа 1” радиосуна берген маегинде дагы кошумчалап: “Өткөн жумаларда Америка мамбашы Трамп куралсыздануу келишиминен чыгуу билдирүүсүн бергенден кийин ким негизги курмандык болуп калаарын көрдүм”. (“Явму саабиг”, 2018.11.06.).

3. Орусиянын саясаты жана ага Американын басымы: Трамп бийликке келгенден бери бир да ай Орусияга карата Американын басымысыз өтө элек. Санкциялардан баштап Орусия чек арасына жакын НАТО күчтөрүн жайгаштыруу, НАТОго жаңы өлкөлөрдү (Македонияны) кошуу жана Орусияны Сирия сазына батыруу. Орусиянын Сирия сазынан чыгып кетишине жардам бербей, аны создуктурушу. Антиракеталык системаны (Түштүк Кореяга) жайгаштыруусу. Акыркы учурлардагы Американын Орусияга болгон басымы Куриль аралдарына болгон Жапония талабын жандандырып, Орусия Жапония алакалары ортосунда чыңалууну пайда кылды. Орусия Сирия боюнча Америка талаптарына жооп берүүсү Американы андан ары Орусия колдонууга батынта баштады. Америка эл аралык деңгээлде Орусиянын ага кылган кызматын Кытай тарапка да колдонууну да каалай баштады. Бир тараптан, Орусия Американын бул саясатын ачык-айкын эле түшүнүп турат. Орусия ТИМи Сергей Лавров мындай деди: “Америка эч качан Орусияны өз кызыкчылыгына жана Кытайга каршы колдоно турган кол жоолук кыла албайт”. Ал дагы мындай деди: “Евро-Атлантика байланышын бекемдөө жана Европаны тартипке салуу үчүн биздин шайтандарга иштеп жатышат. Мисалга ала турган болсок, алар азыр Орусияны Кытайга каршы кантип колдонууну олуттуу түрдө талкуулап жатышат. Алардын каалоосу бизди Америка кызыкчылыгына иштеп бере турган кол жоолук (инструмент) кылуу”. (“RT”, 2018.12.24.). Америка Орусияны Сирия маселесинде өз кызыкчылыгы үчүн ийгиликтүү пайдалып кеткенден кийин аны Кытайга каршы пайдалануу үчүн агы каршы

катуу басым өткөрө баштады. Бул Американын Орусияга карата жаңы кеңири багыттагы саясаты. Америка Орусия менен болгон кыска жана орто аралыктагы ракеталар келишиминен чыгып кетүүсү Американын Орусияга болгон дагы бир тараптан болгон кысымы. Дагы бир тараптан Орусиянын Кытай менен болгон алакаларында чыңалуунун пайда кылууга урунууда. Ал эми, Амкериканын Орусияга болгон басымынын дагы күчөшү Орусиянын экономикалык абалы чабал болуп турган учурда жаңы куралдануу жарышы жолуна түртүп жаткандыгы. Орусия ТИМнин орун басары Рябаков мындай деди: "Америка бизди ал тарапка тартып жаткан куралдануу жарышына түшүүнү каалаган жокпуз". ("RT Arabic" каналы, 2019.02.07.). Ал эми, Орусиянын Кытай менен болгон алакасына чыңалуу киргизүүгө болгон Американын аракети бул Америка Орусияны стратегиялык кыска жана орто аралылыктагы куралдануу жарышына сүңгүшүнө мажбурлоосу аны менен чек аралаш Кытайдын кооптонушуна алып барат. Анткени, 1991-жылы келишимдин негизинде жок кылынган бул ракеталардын баардыгы Орусия менен чек аралаш Кытайдын баардык жерине чейин жете алат. Ошондуктан, бул нерсе Кытай менен Орусиянын ортосунда чыңалуу жүз беришине алып барат.

4. Кытайдын чыга келиши жана ага Американын каршы турушу: Американын тышкы саясаттагы эң негизги тандоосу бул Кытайга каршы жаңы стратегия негизинде иш алып баруусу, ал Обаманын экинчи мөөнөтүнөн эле башталган. Трапм муну дагы күчөттү. Ал Кытайдын өсүүсүн токтотуу максатында аны менен соода согушуна кирди. Айрыкча, Кытай кубаттуу экономика аркылуу өзөктүү куралысыз эле кубаттуу армияны түзүүгө шарт жаратат. Мүмкүн ал өзөктүү куралын да өнүктүрүп Америка кожоюндугуна коркунуч жаратышы да толук мүмкүн. Кытайдын аскерий бюджети 228 миллиард доллар, бул Кытайдан кийинки төрт мамлекеттин (Орусия, Британия Франция жана Германия) да аскерий бюджетинин эң көбү болуп саналат. Кытай кээ бир аскерий программаларын да жашырып

жатканын Америка акыйкаттан алыс эмес карайт. Анткени, анын экономикасы аскерий жакка каражатты дагы да көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк жаратып жатат. Дагы бир тараптан, Америка Кытай менен болгон соода согушунда эки үлкөн экономиканын бири-бири менен жакындашуусу себебинен чайнала баштады, ошондуктан Америка Кытайдын өсүүсүн токтотуу максатында бул күрөштү аскерий жакка бурууну пландады. Анткени, Америка бул жаатта Кытайга салыштырмалуу бир топ жогору турат. Ошондуктан, Америка куралдануу жаатындагы кишенди (Орусия менен болгон келишимди) чечип бош коё берүүнү баштады. Анткени, бул келишимдин негизинде Кытай айланасындагы Түштүк Кореяга, Жапонияга жана башка Кытай айланасындагы жерлерге орнотушу мүмкүн болгон кыска жана орто аралыктагы өзөктүк ракетеларына Кытай ээлик кыла албай келген. Башкача айтканда, Америка Кытай Американын ага карата ыктымал болгон коркунучуна каршы куралдануу жарышына сүңгүп кирип, экономикалык кубаттын чачыранды кылып жиберишин пландады. Ошол эле маалда Америка өз экономикалык күчүн эле ишке салууну пландаган жок, балким Ыраакы Чыгышта Түштүк Корея, Жапония сыяктууларды да экономикалык күчүн куралдануу жарышына ишке салууларын максат кылды. Анын натыйжасында Кытайдын экономикалык көрсөткүчү азыркы абалынан кыйла төмөндөөгө барат.

Бешинчиден: корутундулап айтканда, Американын ракета келишиминен чыгуудагы узак мөөнөттү максаты төмөнкүлөр:

1. Американын эл аралык жактан кожоюндук кылуусуна түркүк болуп берген экономикалык кубаты анын каршысындагы Кытай экономикалык кубатына салыштырмалуу алсыз болуп бара жатышы. Ошондой эле, атаандашы Европага да салыштырмалуу чабал болуп калгандыгы. Ошондуктан Америка Европага, Орусияга, ошондой эле Кытайга өз кожоюндугун бекемдөө максатында өзүнө тең келе турган

атаандашы жок тараптагы стратегиялык аскерий кубаттын күчөтүүгө токтом кылды.

2. Европанын Америкадан обочолоно башташы жана көптөгөн эл аралык саясий маселелерде Америка менен талаша-тартышууларга баруусу. Ушунун баары Американы Европага СССР учурундагыдай Орусиянын коркунучун кайра кайтарууга токтом кылууга түртү. Американын Орусия менен жаңыдан куралдануу жарышына түшүшү Европа мамлекеттерин Орусия коркунучунан коргошуу үчүн Американын өзөктүк коргонуу чатырына кирүүгө мажбур кылат. Анын артында Вашингтондун аскерий жакка каражатты көбөйтүү талабы сыяктуу талаптарына жооп берүүгө жана Америка жетекчилиги астында калууга аргасыз болушат.

3. Американын Орусияга басымын күчөтүшү: Орусиянын мүмкүнчүлүгү жетпеген жаңы куралдануу жарышы аркылуу стратегиялык позициясы менен Орусияны опузага алуусу. Аны Кытайга каршы турууга жана аны менен болгон алакаларын басаңдатууга мажбур кылуу. Вашингтондун келишимден чыгып кетүү аркылуу жаңы куралдануу жарышы стратегиясы негизинде Орусияга бири экинчисинен ачуу болгон эки тандоо калтырды. Анын бири Орусия чабал экономикасы аркылуу утула турган куралдануу жарышына түшүүсү жана анын натыйжасында анын стратегиялык чектелген кубатынын ашкере болуусу. Стратегиялык жактан алып караганда, анын даражасы Франция жана Британия позициясына жакыныраак болот. Же бетинде кызыл калтыра турган жана толук түрдө Америка тарабынан кабыл алына турган эл аралык улуу дөөлөт деген аброюн сактап калуу үчүн Американын Кытайга каршы кызыкчылыгына жооп берип, анын талабын аткарып Кытайга каршы Америка менен бирге жүрүүсү.

4. Ал эми, Кытай тарапка болсо: Америка Орусия менен болгон ракеталык келишимден чыгып кетүүдөгү эң башкы максаты – бул Америка Кытайды аскерий жактан көзөмөлдөөгө токтом кылды. Америка Кытайдын экономикасы тез өсүп, аны таң калтырып койо тургандай анын аскерий жагы

да аны таң калтырып коюшун каалаган жок. Кытайдын аскерий кубатын келишимдер аркылуу Американын көз алдында болуусу же Кытайды Ыраакы Чыгышта Америка өзү үстөм болгон стратегиялык куралдануу жарышына түшүүсүнө мажбур кылуу. Анын натыйжасында Кытайдын экономикалык өсүүсүн сындыруу жана андан ары чабалдык түшүп кетүүсүн максат кылган.

Алтынчы: жыйынтыктап айтканда, мындай эл аралык күрөштөрдөн мусулмандар бир топ алыста жүрүшү жүрөктү өйүйт. Аларга кербенден качкандан эч нерсе жок! Балким, ислам өлкөлөрүндөгү малай акимдер Улуу Исламдын таңы атышына тоскоолдук жаратууда, айрыкча Американын жана жалпы Батыштын талаптарына эт бетинен кетип жооп берүүчүлөргө айланышты. Бирок, Ислам Үммөтүнүн Исламга бет алуусу күндөн-күнгө күчөп, динсиз акимдердин Исламдын келишине тоскоолдук жарата турган долбоорлорун четке кагып, аларга каршы туруу менен зулумдук доорун аягына чыгара турган болуп калды. Анын натыйжасында Аллахтын жардамы жана чынчыл соолих амал кылуучулардын колу менен Пайгамбар с.а.в. куш кабар кылган Пайгамбарлык туура жолундагы Халифалык таңы атат:

“**Кийин жабыр көрсөтүүчү залим падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот. Андан соң Пайгамбар с.а.в. сүкүт кылды”.**

Аны менен жер жүзү Халифалык нуру менен жаңыдан кайра нурданат. Колонизатор каапырларды өз зулумдары менен чээнине киргизет. Ислам үммөтү дүйнө жүзүн жамандыктан алыс болгон адилетүүлүк нуру менен жетектейт. Аллах Таала айтат: ***«Ошол күндө момундар Аллахтын нусраты себептүү шаттанышат.*** *(Аллах)* ***Өзү каалаган кишисин үстөм кылат. Ал кудурет жана ырайым ээси»*** [30:5]

**7-жумаадил-уула, 1440-х.**

**12-февраль, 2019-ж.**

**Орусиянын Украина боюнча позициясы менен Швеция жана Финляндия боюнча позициясынын ортосундагы айырма**

**Суроо:** ***Украина НАТОго кирүү ниетин ачыкка чыгарганда Орусия эмне үчүн Украинага каршы аскерий кадам таштады? Ал альянска чындап кирген Финляндияга каршы эч кандай согуштук аракеттерди көргөн жок жана блокко кирүү мезгил талабы болгон Швецияга каршы эч нерсе кылган жок?***

**Жооп:** Жоопту тактоо үчүн ушуларды карап чыгабыз:

Биринчи: биз буга чейин Орусиянынын Украинага согуш жарыялоого түрткөн себептер тууралуу көп нерселерди айтканбыз:

1- 2004-жылдын 24-январындагы суроо-жоопто айтканбыз: “Украинага келе турган болсок, ал Россия менен тыгыз байланышта жана маанилүү союздашы болуп саналат, андан тышкары өзүн орус санаган украиндер бар. Алар орус тилинде сүйлөшөт жана орус улутундагылар алардын басымдуу бөлүгү, өзгөчө Украинанын чыгышында жашагандар...”.

2- 2010-жылдын 20-мартында чыккан суроо-жоопто айттык:

“603 миң 700 чарчы километр аянтты ээлеген жана 48 миллион калкы бар Украина стратегиялык жактан Кара деңизде жайгашкандыгы менен айырмаланат. Ал энергия линияларынын, өзгөчө жаратылыш газынын линияларынын өтүшү менен айырмаланат. Ошондой эле, ал Европаны Азия менен байланыштырган жайгашкан орду менен да өзгөчөлөнөт...”.

3- 2013-жылдын 23-майында чыккан суроо-жоопто айтканбыз:

“Ал эми, Орусияга келсек, Украина ал үчүн эң маанилүү өлкөлөрдүн бири, эгер ал аны жоготсо, Батыш түздөн-түз Орусиянын чек араларында болот. Анткени, Украина Европа тараптан аны коргоочу калкан сыяктуу. Экономикалык маанилүү ордун эске албаганда, орус газ куурлары Украина аркылуу Батышка өтөт. Россия Украинаны камтыган Советтер Союзунун

аймагында өзүнүн гегемониясын калыбына келтирүүнү талап кылып жатканы да белгилүү...”.

4- 2014-жылдын 22-февралында чыккан суроо-жоопто айттык:
“Ал эми, Орусияга келсек, Украина ал үчүн эң маанилүү өлкөлөрдүн бири, эгер ал аны жоготсо, Батыш түздөн-түз Орусиянын чек араларында болот. Анткени, Украина Европа тараптан аны коргоочу калкан сыяктуу. Украина Москвадан болгону 300 км алыстыкта жайгашкан. Бул Орусиянын Украинага кийлигишүүсүнүн себеби... Бул, бир жагынан. Башка жагынан алганда, Украинада орус аскер базасына караштуу Кара деңиз флоту жайгашкан. Украина бир жагынан Европа менен Орусияны байланыштырган көпүрө болсо, экинчи жагынан алардын ортосундагы буфердик аймак”.

5- Биз 2021-жылдын 22-декабрында чыккан суроо-жоопто айттык:
“Украина – Россиянын алдыңкы бакчасы. Ал Орусия үчүн Орто Азияга окшобойт, мисалы Орто Азия жайгашкан жери, улуттук курамы, дини жана тарыхы боюнча арткы бакча болуп эсептелет. Украина Орусия жана анын эл аралык аброю үчүн алдыңкы линия болуп саналат. Украина Кара деңизге чыгып турат жана аны көзөмөлдөйт. Ал эми, Советтер Союзунун алсыздыгы аны Чыгыш Европадан буфердик зона катары таштап кетүүгө аргасыз кылган болсо, Орусия НАТОнун Чыгыш Европага жылышына карабай жок дегенде коңшулары Украина менен Белорусь НАТОнун кооп-коркунучтарынан жана анын согуштук машинасынын чыгышка карай илгерилешинен обочолонтуп турган аймак менен камсыз кылышын каалайт. Орусия бүгүн Украинанын НАТОго кирүүсүн же анын колдоосун болтургусу келбейт”.

Экинчиси: Мунун баары Орусия үчүн Украина канчалык маанилүү экенин көрсөтүп турат. Тагыраак айтканда, Путин 2022-жылдын 21-февралында сүйлөгөн сөзүндө айткандай, Украинаны дээрлик көз карандысыз мамлекет деп эсептебейт. Путин белгилегендей, “Украина жөн эле коңшу өлкө эмес, ал биздин тарыхыбыздын, маданиятыбыздын жана моралдык мейкиндигибиздин ажырагыс бөлүгү. Алар биздин

жолдошторубуз, кесиптештерибиз, досторубуз гана эмес, алар биздин кан аркылуу байланышкан туугандык байланышыбыз болгон туугандарыбыз...”. (Анадолу агенттиги, 23.02.22). Ошондой эле, Орусия географиялык жана стратегиялык жайгашуусу жана демографиялык түзүлүшүнө байланыштуу Украинаны НАТОдон бөлүп турган буфердик аймак б.а. кызыл сызык деп эсептейт. НАТОнун ага кирип келүүсүн каалабайт. Путин НАТОнун Украинага өз күчтөрүн жана курал-жарактарын жайгаштыруусуна каршы экенин эскертип мындай деди: “Украинага НАТОнун аскердик инфраструктурасын кеңейтүү Орусия үчүн кызыл сызык жана катуу жооп берүүгө алып келет”. (Noon Post, 12.04.21).

Ал эми, Орусия Украинаны өз колуна кайтара албагандан кийин, 90-жылдардын башында Кара деңиз флотун бөлүү маселесиндеби, же Россиянын аймагынан Европага газды ташуу үчүн СССР Украинанын ичинде курган узун жана кенен газ куурлары маселесиндеби, же орус рыногу Украинанын түшүмдүү жерлеринен өндүрүлгөн кантка жана майларга өтө муктаж болгон коммерциялык маселелердеби, же Украинанын Европа Биримдигине жана НАТОго карата тенденциясы пайда болгондон кийинки маселелердеби, айырмасыз, Украинаны колго ала албаган соң, Путин Орусияны супер держава катары эл аралык статуска кайтарат деп эсептеп, акыркы жол катары аскердик күчкө өттү. Путин Америка Кытай маселеси менен алек, ошондуктан Орусия Украинага кол салса унчукпай турат деп эсептеген. Айрыкча, Путин саясий келесоолугунан жана мегаломаниясынан (улуулук элесинен) улам Америка Кытай менен алек болуп, Украинага көңүл бура электе Украинга тез эле үстөмдүк кылам деп ойлогон. Натыйжада, Америка Украина маселесин негизги маселе катары кабыл алып, аны аскердик техника менен камсыздап, аскерлерине аскердик машыгуу өткөрдү. Америка артына Европаны мобилизациялап, акыркы украин жана орус солдаты калгычакты согушту тутандырды жана анын жоокерлери алыстан күзөтүп турушат!

Үчүнчүсү: Орусия иш жүзүндө альянска кошулган Финляндияга каршы эмне үчүн эч кандай аскерий чараларды көргөн жок, ошондой эле, альянска кирүү мезгил талабы болуп турган Швецияга каршы эч кандай аракет кылган жок, дегенге келсек. Буга жооп төмөнкүчө:

1- Орусияга Швеция кошуна болбосо да, Финляндияга кошуна болсо да, белгилүү болгондой географиялык жана демографиялык абалы, тарыхы, үстөмдүк кылуу, экономикасы жана коопсуздугу жагынан Украинага окшош эмес. Ошон үчүн, бул эки мамлекет Орусия үчүн Украинадагыдай өлүм-өмүр маселеси эмес. Мындан тышкары, Орусиянын бул эки өлкөгө көз карашы такыр башкача. Орусия Украинаны – Путиндин жогоруда айтылган билдирүүлөрүндөгүдөй – андан толук көз карандысыз өлкө катары карабайт. Айрыкча, ал бир мезгилде Советтер Союзунун курамында болгондуктан. Финляндия менен Швециянын вакыйы башкача. Финляндияга келсек, ал 1995-жылдан бери Евробиримдиктин мүчөсү, Финляндия 2023-жылы НАТОго кирген. Ал эми, Швеция НАТО менен тыгыз мамиледе жана алар дайыма биргелешкен машыгууларды өткөрүп турушат. Швеция 1995-жылы Евробиримдикке кирген Евробиримдиктин НАТОго кирбеген алты мүчөсүнүн бири. Ошондуктан, Орусиянын бул өлкөлөргө карата Украинага жасагандай кол салууга формалдуу болсо да шылтоосу жок.

2- Орусия азыр Украинада оор абалда, андан чыга элек жана бул вакый аны жаңы согушка киргизе койбойт. Анын Украинага каршы согушу бир жарым жылга жакын убакытка созулуп, ушул кезге чейин ийгиликке жетише албагандыктан, ал өз күчүн жана мүмкүнчүлүктөрүнүнүн кудуретин да түшүнүп турганы чындыктан алыс эмес. Ошондуктан, Орусия Украинанын жана аны колдогон Батыштын алдында алсыз абалда турганда анын жаңы согушка кириши азыркы шартта күмөн.

3- Ушул сыяктуу эске сала кетчү бир прецедент (окшош окуя) бар. Мурунку Варшава келишиминин өлкөлөрү Польша, Венгрия, Болгария, Румыния, Эстония, Литва жана Латвия (мурунку Советтер Союзунун бир

бөлүгү) 1997-жылдан бери альянстын кеңейүү толкунунда НАТОго кошулганда Россия алсыз болгон жана Советтер Союзунун кулашынын калдыктарынын башаламандыгынан али арыла элек жана анын ыдырашынын кесепеттерин тартып, ал кесепеттерден али толук чыга элек болчу. Саясий жана экономикалык жактан ири өлкө катары турукташа элек эле. Ошондуктан, Орусия ал мамлекеттердин альянска кирүүсүн алдын алуу үчүн Батышка каршы турууга чамасы келбеди. Анын сыңарындай, Орусия анын шарттарына багынып берүүсү үчүн Украинага жасаган чабуулу ийгиликсиз болуп, анын үрөй учурган аскерий алсыздыгын көрсөттү. Анын аброю да, кадыр-баркы да солкулдап, токсонунчу жылдардагыдай болуп калды. Ошондуктан, Орусия азыркы аскердик алсыздыгы себептүү учурда Швеция менен Финляндиянын НАТОго мүчө болушуна жана алардын позициясына каршы боло албайт.

Орусиянын Украинага карата позициясы менен Швеция менен Финляндияга карата позициясынын ортосундагы айырмачылык жөнүндө элес ачык-айкын болду деп үмүттөнөм.

**26-мухаррам, 1445-х.**

**13-август, 2023-ж.**

## Саудия боюнча берилген суроолорго жооптор

## Обаманын Саудияга сапары жана бул сапардын Сирияга карата боло турган акыбеттери

**Суроо:** *Хаят сайты 2014-жыл, 8-март күнү француз маалымат агенттиги «АФП»га таянып төмөндөгү кабарды таркатты: «Сирия азат армиясынын жогорку аскерий кеңеши генерал Салим Идристин ордуна генерал Абдулилах Башир Наимийди башкы штаб башчысы кылып дайындоого ыраазылык берди…». Бул нерсе «жогорку аскерий кеңештин курамын толук түзүүнүн» алкагында жүзөгө чыкты. Бул толук түзүүдөн башкы штабдагы башка дайындоолор да орун алды… Бул окуялар менен бир убакта коалиция офистерин Түркия жаап*

*коюшу жана бул офистердин Каирге көчүрүлүшү ыктымалы туурасындагы кабарлар да сызылып чыкты. Эми мындай суроо пайда болот: бул өзгөрүштөрдүн жана сызылып чыккан кабарлардын Обаманын сапарына, айрыкча анын ушул айдын акырларында Саудияга кыла турган сапарына – Саудиянын Сириядагы согуштук фронттордо, айрыкча түштүк фронтто ролу бар болгондуктан – алакасы барбы? Офистерди жаап коюудан максат эмне? Аллах сизге жакшылыкты тартуу кылсын.*

**Жооп:** Обаманын ушул айдын аяк ченинде Саудияга кыла турган сапары о.э. генерал Салим Идристи кызматынан бошотуп анын ордуна генерал Абдулилах Баширдин дайындалышы, бул экөө Американын Сирия жаатындагы саясатына тиешелүү кеңири көлөмдүү пландардагы туташ аракет багыттары болуп эсептелет. Бирок, бул эки багыт ортосунда тафсилаттар жагынан айырма бар. Анткени, экөөнүн ар бири белгилүү бир карасанатай максаттарды жүзөгө чыгарып бере турган өзүнчө бир багыт болуп эсептелет. Муну ачыктап берүү үчүн төмөнкүлөрдү баян кылабыз:

**Биринчи: Обаманын ушул айдын аяк ченинде регионго, айрыкча Саудияга кыла турган сапары туурасында:**

1 – Америка тышкы иштер министрлигинин сайты IIP Digital 2014-жыл, 21-январь күнү Ак үйдүн маалымат катчысы бюросу басып чыккан бир билдирүүгө таянып келтиришинче, маалымат катчысы ошол билдирүүдө президент Обаманын 24-25-мартта ядролук коопсуздук маселелерине арналган самитке катышуу үчүн Голландияда боло тургандыгын айткан. Самитте ядролук материалдар коопсуздугун камсыздоо жана ядролук терроризмге жол бербестик үчүн келечектеги кадамдарды таштоо боюнча чараларды көрүү маселелери талкуу кылынат... Обама Кошмо Штаттар менен Европа Союзу ортосундагы саммит жыйынында катышуу үчүн 26-мартта Брюсселге өтөт… Ал өз

турнесин улантып 27-мартта Ватиканда папа Френсис менен жолугушат о.э. Италия президенти жана премьер-министри менен жолугушат. 2014-жыл, 3-февралда т.а. он күндөн ашыгыраак убакыттан кийин Ак үй маалымат катчысы бюросу дагы бир билдирүү чыгарып анда мындай деп билдирди: «Мамлекеттерибиз ортосундагы тынымсыз кеңешүүлөрдүн бир бөлүгү катары президент Обама март айында Саудия королдугуна барат…». Билдирүүдө мындай деп кошумча кылынган: «Президент көптөн бери Саудия королу менен Кошмо Штаттар менен Саудия королдугу ортосундагы бекем алакаларды алакаларды талкуу кылууга умтулуп келет, мындан тышкары эки мамлекет ортосундагы Булуң коопсуздугуна тиешелүү ортоктош кызыкчылыктарды бекемдөө максатын көздөгөн учурдагы кызматташтык, регионалдык коопсуздук, Ортоңку Чыгышта тынчтык, күчөп бара жаткан экстремизмге каршы күрөшүү, өсүп-өнүгүүгө жана коопсуздукка тиешелүү маселелер да талкуу кылынат. Президенттин Саудия королдугуна кыла турган сапары анын Голландия, Бельгия жана Италия бойлоп кылуучу Европа турнесинен кийин болот». (IIP Digital Америка тышкы иштер министрлигинин сайты 2014-жыл, 3-февраль).

Жогорудагылардан анык болгондой, Обаманын ушул айдын аягында Саудияга кыла турган сапары анын Италияга 2014-жыл, 27-мартта кыла турган сапарынан кийин болот.

2 – Американын CNN сайты 2014-жыл, 3-февралда басып чыгышынча, бул сайт төмөнкүдөй мазмундагы бир билдирүүнү алган: «Америка президенти март айында Саудия королу менен Иран ядролук программасы боюнча жакында жетишилген келишим тууръасында Вашингтон менен Рияд ортосундагы келишпестиктер шартында бир катар маселелерди талкуу кылмакчы». Бул сайт Ак үйдүн өкүлү Жей Карнинин бул жаатта айткан төмөнкү сөздөрүн да келтирди: «Биздин

ортобузда көз караштар канчалык ар түрдүү болбосун, бул нерсе өтө маанилүү жана өтө бекем шериктик абалынан эч нерсени өзгөртпөйт».

Вашингтон Пост 3-февралда кабар таркатышынча, Ак үй өкүлү Жей Карни өзү өткөргөн маалымат жыйынында мындай деди: «Саудия Кошмо Штаттарга жакын дос, ортобузда кең көлөмдүү маселелерди камтып алган эки тараптуу терең, кеңири көлөмдүү алакалар бар, ошондуктан, президент бул сапарга чоң кызыгуу менен умтулууда. Анткени, ал өткөрө турган жолугушууларда мына ушул маселелердин бардыгы талкуу кылынат… Ортобузда болушу мүмкүн болгон келишпестиктер канчалык болбосун, бул нерсе мунун өтө маанилүү жана бекем шериктик деген акыйкатын өзгөртпөйт».

Американын «Wall Street Journal» гезити 2014-жыл, 1-февралда мындай деп жазды: Президент Обама кийинки айда Саудияга барып Саудия королу Абдуллах Абдулазиз менен жолугушмакчы. Ал эки мамлекет ортосундагы курчуп кеткен алакаларды жумшартмакчы. Бул алакалар Америка админстрациясы Ортоңку Чыгыш регионуна карата, анығыраагы Ирандын ядролук программасына карата жүргүзгөн саясаттар себептүү о.э. бул мекеменин Сириядагы ички согушка аскерий аралашууга даяр эместиги себептүү курчуп кеткен эле. Гезит араб жооптууларынын биринин: Бул саммит өтө маанилүү болот жана андан максат Америка саясаты менен Саудия саясатын ылайыкташтырууга жетишүү, - деген сөздөрүн келтирди. Ошол жооптуу: Обаманын бул сапары өзгөчө «начарлаган алакага жана азайган ишенимге» тиешелүү, - деп кошумча кылды.

Бул болсо, бул жерде Американы Обаманын Европадагы үч регион бойлоп белгиленген сапары жөнүндөгү билдирүү чыккандан он күндөн көбүрөөк убакыттан кийин чыккан билдирүүдө бул сапар тартибине Саудияны да кошуп коюуга мажбур кылган иштер бар экендигин

түшүндүрөт! Бул иштерди жана алардын факторлорун билүү үчүн төмөнкүлөрдү көрүп чыгабыз:

а) Америка Иран менен ядролук программа боюнча 2013-жыл, 24-ноябрдагы келишимден кийин жакындашты, бул келишим Ирандын региондогу колун дээрлик бошотуп жиберүү даражасына жетти. Кала берсе, Америка Сириядагы окуяларга карата ушундай бир позицияда турат дейсиң, бул позициядан Американын Башарды түздөн-түз жана кыйыр түрдө колдоп-кубаттап жатканы анык көрүнүп турат... Булардын бардыгы Саудияга таасирин тийгизди. Айрыкча, Ирандын региондогу колу бошотуп жиберилгендиги Саудияга таасирин тийгизди. Ирандын мазхаб тарабынан өзүнө алакасы бар ар бир мамлекетте мазхабчылык жагынан пайдаланышы белгилүү. Иран мына ушул мамлекетте башаламандыктарды келтирип чыгаруу үчүн мазхабчылыктан пайдаланат. Саудия Бахрейнде, Иракта, Сирияда, Ливанда жана Йеменде... эмнелер болуп жатканын көрүп турат. Саудия Ирандын Саудиянын чыгыш регионундагы иш-аракеттеринен жана бул иш-аракеттердин башкаруу коопсуздугуна зыян жетишинде таасири болушунан тынчсыздануудa... Булардын бардыгы Саудиянын тынчсыздануусуна жана эл аралык коомчулуктун иш жүргүзүшүнө наараздылык катары Коопсуздук Кеңешиндеги өзүнүн өкүлүн чакырып алышына алып барды. Мында Саудия табигый түрдө Кошмо Штаттарды бутага алды. Мындан тышкары, Саудиянын кээ бир жооптуулары Америка позицияларын сындаган билдирүүлөрдү да беришти.

б) Саудия Сириянын түштүк аймагындагы козголоңчуларга Иордания аркылуу курал-жарак жеткирип берүүдө. Бул болсо, Американын тынчын алууда. Айрыкча, Сирия түштүгүндөгү козголоңчуларга жеткирип берилүүчү курал-жарактарды көзөмөлдөө үчүн Иорданияда уюштурулган Америка координациялык пунктун четтеп өтүп жаткан курал-жарактар Американы тынчсыздандырууда...

Мисалы, француз гезити «Ле Фигаро» 2013-жыл, 28-октябрда журналист Жорж Мальбрюнонун бир отчётун басып чыкты. Анда айтылышынча, «Сирия азат армиясынын складдарына ар апта сайын 15 тонна курал-жарак келип түшүүдө». Отчётто «бул курал-жарактар Саудия самолётторунда Иордания түштүгүндөгү аэродромдорго жетип келишинен мурда Украина жана Болгариядагы "кара базарлардан" Саудия акчаларына сатып алынууда» деп көрсөтүп өтүлгөн. Отчётто «үстүбүздөгү жылдын биринчи алты айында Сирия президенти Асадга каршы чыгып жаткан оппозиционерлерге Иордания аркылуу алты жүз тонна курал-жарак жеткирип берилген» деп да көрсөтүп өтүлгөн... «Сафир» гезити болсо 2014-жыл, 21-февралда төмөнкү кабарды таркатты: «... Өткөн жылдын 29-январында Саудиянын курал-жарак жүктөлгөн үч аскерий самолёту Мифракка конду. Ошол курал-жарактар арасында «Лау» ракеталары, шифрдүү байланыш аппаратуралары, танктарга каршы ракеталар, жеңил курал-жарактар, бронетехникалар бар... Бир араб булагынын айтышынча, америкалыктар Кытайда иштеп чыгарылган ракеталар системасын Сирия куралдуу оппозициясына жеткирип берүү туурасында дагы деле экиленип жатышат..». Гезит дагы мындай деп жазды: «Айрым башка-башка Батыш жана араб коопсуздук булактарынын айтышынча, чыгыш Гутадагы согуштар маалында жана андан кийинки апталарда саудиялыктар Мифрак аэродрому аркылуу курал-жарак жүктөрүн жеткирип беришти, бул курал-жарактардын кээ бирлери Украинада сатып алынган. Ар апта 15 тонна курал-жарак жүктөлгөн кербендер чөл аркылуу өткөн жолдор менен Иордания-Сирия чегараларынан өтүп чыгыш Гутаны көздөй созулган региондогу саны 15тен ашкан борборлорго карай жолго түшүүдө». Курал-жарактардын жетип келгенине «Сафир» 2014-жыл, 6-февралда таркаткан кабар далалат кылып турат: «Дарадагы куралдуу отряддардын көпчүлүгү кечээ жыйын өткөрүп «Ярмук дивизиясы»

байрагы астында биригүүгө токтом кылды, бул дивизия курамына 14 аскерий отряд жана полктор кирет. Алардын эң көрүнүктүүлөрү «Түштүк зирхи» «Баро ибн Малик» жана «Брондуу техникалар отряды». Гезит мындай деп кошумча кылды: «Куралдуу отряддардын биригүүсү алар Сирия түштүгүндө бүтүндөй Дара мухофазасы бойлоп чачылып кеткен беш аскерий операциялар пункттары командачылыгында «Женева хаврон» деген аталыш астында башташкан согуш менен бир мезгилге туура келди»...

Булардын бардыгы Американы тынчсыздандырууда, Америка түштүк фронттогу кээ бир козголоңчулар моюн сунуудан чыгып кетишинен чочулап жатат. Айрыкча, Саудияда англистерге көз каранды болгон жана алар сызган сызык боюнча жүрө турган күчтөр бар болгондуктан, Америка мындан тынчсыздануууда. Анткени, мына ушул күчтөр англис саясатында белгилүү болгондой, Америка пландарына проблема жаратышат... Булардын бардыгы Американы Саудиянын Сириядагы түштүк фронттогу аракеттеринен тынчсызданышына алып келди... Америка 2013-жыл, 13-январда Сирия азат армиясына көз каранды Сирия козголоңчулар фронтун пайда кылды. Анын негизги тармактары түштүктө. Бул Саудиянын Сирия түштүгүндөгү иш-аракеттерине каршы жооп катары болду. Бирок ошого карабастан, Америка Саудиянын түштүктөгү иш-аракеттерин, айрыкча, Иорданиядагы Америка көзөмөл координациялык пунктун четтеп өтүп жаткан иш-аракеттерин олуттуу эсепке алууда.

в) Кала берсе, бул жерде башка бир фактор да бар. Анткени, сауддар үй-бүлөсүнө учурда англистердин адамдарынын бири болгон падыша Абдуллах жана анын жардамчылары башчылык кылып жаткан болсо да, бирок, Саудияда Американын «эркетай» адамдары да бар. Америка өзүнүн ал жердеги адамдарын өстүрүп чыгаруу үчүн жана бийликти падыша Фахд заманында болгондой өз таасирине кайтаруу

үчүн өзүнүн Саудияга душмандыгын ачык көрсөтпөй турууга мажбур. Ошол эле убакта Американын падыша үй-бүлөсүндөгү адамдары да Америка менен жакшы алакалар орнотулушуна кызыкдар...

3 – Ошентип, эки тарап тең келишпестиктерди жок кылууну каалап жатат! Жана бул каалоо эки тараптан болуп жаткан амалий иш-чараларга айланды. Бул иш-чаралар Обаманын ушул айдын акырларында кыла турган сапарына даярдык көрүү кадамдары түркүмүндөгү иштерден. Эки тарап көргөн иш-чаралар төмөнкүдөй болду:

а) Саудия жөнүндө айта турган болсок, ал «чет өлкөдө согушуп жаткандарды жана экстремистик агымдарга таандык кишилерди жазалоо» жөнүндө мыйзам чыгарды. (Иктисодийя, 2014-жыл, 3-февраль). Бул аркылуу Сириядагы согуш назарда тутулганы белгилүү. Бул мыйзам 2014-жыл, 3-февралда чыкты т.а. азыр гана айтып өткөнүбүздөй, Саудияны өз сапарынын катарына кошуп коюу жөнүндөгү Обаманын токтому менен бир убакытка туура келди! Булардын бардыгы Американы ыраазы кылуу үчүн болгон аракеттер болуп эсептелет... Мындан тышкары, амир Мухаммад ибн Найиф (ички иштер министри) Вашингтондо Америка Борбордук разведка башкармасы (ЦРУ) менен жана разведканын башка башчылары менен жолугушуп бир катар маселелерди, ошону менен бирге Сирия маселесин да талкуулашты... Мисалы, «Роъя» маалымат тармагы 2014-жыл, 24-февралда төмөнкү кабарды таркатты: «Улуттук коопсуздук боюнча кеңешчи Сьюзан Райс жана ички коопсуздук боюнча кеңешчи Лиза Монако өткөн шаршемби күнү Саудия ички иштер министри Мухаммад ибн Найиф менен жолугушту, мына ошол жолугушуудан кийин Америка улуттук коопсуздук кеңешинин өкүлү Хайден тарабынан бир билдирүү чыкты, анда Хайден үч жооптуунун регионалдык маселелер боюнча өз ара пикир алмашкандыгын, бир топ

маанилүү ортоктош маселелерде эки мамлекет ортосундагы кызматташтыкты күчөтүүгө олуттуу маани берүү керектигин баса белгилешкендигин билдирди».

Б) Америка болсо Керрини акыркы убакта: 2013-жыл, 3-ноябрда жана 2014-жылы январда Саудияга эки жолу жиберди. Бул сапарлар саудиялык жооптууларды Американын Иран жана Сирияга тиешелүү саясатынан тынчтандыруу үчүн болду. Керри Ирандын ядролук куралга ээ болушуна Америка жол койбостугун кайра-кайра баса белгиледи. Керри бул жолугушуудан бир аз мурда Саудия араб регионунда негизги ролду ойношун айткан эле. (Би-Би-Си түрк кызматы 2013-жыл, 6-ноябрь).

4 – Мына ушундан кийин өз ара мамилелерди жакшыртуу, эки тарап ортосундагы кескиндикти жумшартуу жана өз режимдеринин тагдырынан гана тынчсызданып жаткан сауддар үй-бүлөсүн тынчтандыруу үчүн Обаманын Саудияга кыла турган жана жогорку даражада болуп өтө турган сапары жүзөгө чыкты. Сауддарды, азыр айтып өткөнүбүздөй, жалаң гана таажы-тактыларынын тагдыры гана тынчын алууда, аларды Сирияда болуп жаткан окуялардын өздөрүнүн режимдерине таасирин тийгизе тургандары гана тынчсыздандырат, андан башкасы тынчсыздандырбайт. Ошондуктан да алар Сирия калкына жардам беришпеди, алар Американын Сирия режими темасын «Женева-1» жана «Женева-2» конференциясында чечишин каалашты. Сауддар бул эки конференцияны колдоп-кубатташты жана Сирия козголоңу коркунучтарынан ошону менен кутулмакчы болушту. Демек, сауддардын бүтүндөй кайгысы мусулмандардын канын сактап калуу жана Сириядагы мусулмандарга жардам берүү эмес, балким өз таажы-тактыларын сактап калуу...

Демек, Обаманын сапарынан максат Саудия менен курчуп кеткен абалды жумшартуу жана Саудияны Американын Иран менен

жакындашуусу сауддар башкаруусуна зыян жеткиришине каратылбагандыгына ишендирүү. Америка сауддардын негизги кайгысы өздөрүнүн башкаруусуна зыян жетпестик жана өздөрүнүн таажы-тактылары бошоп калбастыгы экендигин жакшы билет. Сауддардын бүтүндөй кайгысы мына ушул. Аларды Сирияда ушунча адамдын кыргын кылынып жатканы жана ушунча адамдардын жарадар болуп жатканы аз болсо да тынчсыздандырбайт... Алар үчүн таажы-такты бардык нерседен бийик турат.

Обама өзүнүн бул регионго кыла турган сапары маалында башка жерлерге кирип өтүшүнүн да ыктымалы бар болсо да, бирок, анын Саудияга кыла турган сапары негизги сапар болушу күтүлүүдө... Обама сауддардын таажы-тактылары сакталып калышын, өзүнүн Иран, Ирак менен болгон алакасы, Сирия, Ливан, Йемендеги алакасы сауддар башкаруусуна каршы каратылбаганын, балким «терроризм»ге каршы каратылганын айтып, Саудия акимдерин тынчтандырууга аракет кылып көрмөкчү. Ал «терроризм»ге каршы күрөш тармагында саудиялыктарды Сириядагы согушка баруудан тыюу тууратындагы Саудиянын токтомдорун мактап көккө көтөрөт...

**Экинчи: Эми Салим Идристин мансабынан четтетилгени о.э. кээ бир офистер жаап коюлуп аларды Каирге көчүрүүгө токтоло турган болсок, бул иш көбүрөөк төмөнкүдөй:**

1 – 2012-жылы 7-декабрда 260 менен 550 ортосундагы аскерий командачылар жана Сирия куралдуу оппозициясынын өкүлдөрү Түркияда чогулушкан. Жыйында Батыш жана араб мамлекеттеринин коопсуздук кызматкерлери да катышты. Анда АКШ активдүү ролду ойноду, Азат армиянын отуз командачысынан түзүлгөн жаңы аскерий кеңеш шайланды, генерал Салим Идрис Азат армиянын жаңы башчысы болуп шайланды жана ал жогорку аскерий кеңештин төрагасына да айланды. (SMC). (Ассошиэйтед Пресс, 2012-жыл, 12-июль).

2 – Вашингтон Пост 2013-жыл, 7-майда: «Барак Обама башчылыгындагы Америка админстрациясы Салим Идристен үмүттөнүүдө», - деп жазды. Гезит дагы: «Салим Идрис Америка админстрациясынын жаңы стратегиясындагы тараза ташы болду, анткени анын жоопкерчиликтүү жана муътадил позициялары админстрациянын андан үмүттөнүшүнө алып келген фактор болду», - деп жазды. Гезит дагы: «Салим Идрис президент Обамага кат жиберип, Американын Сирияга аралашуудан эскертүүдөн турган өзүнүн позициясын түшүнгөндүгүн билдирди жана Америкадан финансылык жактан, керектүү жарак-жабдыктар менен камсыздоо жана машыгуудан өткөрүү жагынан колдоп-кубаттоону талап кылды о.э. өзүнүн жихадий жамааттарга каршы күрөшүүгө даяр экендигин билдирди», - деп жазды. Демек, мындай абалда Идристи Америкага маалымдабастан т.а. Американын буйругусуз отставкага чыгаруу мүмкүн эмес. Анткени, Идристи мансапка дайындаган жана анын Америкага кызмат кылышынан үмүттөнгөн ушул Америка болчу. Куурчак коалицияны пайда кылганы сыяктуу эле, куурчак аскерий кеңешти пайда кылган да ушул Америка.

3 – Салим Идрис козголоңчулар фронтторунун эч бирин өзү тарапка тарта албады, жан-үрөп аракет кылгандыгына карабастан ичкериде өзүнүн фронтун да түзө албады, буларга жетишүү бул жакта турсун, ал Азат армия согушкерлеринин жана кээ бир аскерий отряддардын исламий согушкерлер саптарына кошулуп кетишине да тоскоолдук кыла албады. Мисалы, Рейтер 2013-жыл, 30-сентябрда бул кошулуу жөнүндө мындай деп жазды: «Исламчылар сабына кошулуу жалаң жеке адамдар көрүнүшүндө гана болбоду, тескерисинче кичине, бирок күчтүү топтордон турган бүтүндөй аскерий отряддар да алардын саптарына коушлду». Кала берсе, 2013-жылы декабрда чегарадагы өткөрмө жолу үстүнөн жана Батыш тарабынан колдоп-кубатталып

жаткан Сирия азат армиясы складдарындагы курал-жарактар үстүнөн исламий фронттун көзөмөл орнотушу Америкага карата ишти дагы да чиелештирген нерсе болду... Американын «Тайм» журналы Америка жооптуулары Сирия азат армиясынын командачысы Салим Идристин Сириядан качып кеткенин тастыкташты деп жазды. Бул Америка журналы – өзүнүн электрондук сайтында 2013-жыл, 12-декабрда өзү келтирген отчёт агымында – америкалык жооптуулардын «Идрис Сириядан Түркияга качып кетти, андан кийин Катарга сапар кылды» деген сөздөрүн келтирди. Салим Идристин иш жүргүзүүсү америкалыктарга жакпай калган окшойт. Америкалыктарды өздөрү Идриске беришкен жардамдары складдарына болгон чабуул окуясы тынчсыздандырып койгону көрүнүп турат. Америка бул куралдардын Америка менен бирге аракет кылууну жарыя кылбаган, коалицияны тан албаган жана Америка долбоорун кабыл алышын жарыя кылбаган козголоңчулар колуна жетип барбастыгын шарт кылып койгон эле.

4 – Салим Идриске келсек, аны – азыр гана айтып өткөнүбүздөй – Американын өзү дайындады, Америка Идристин Азат армияны Сирия ичкерисинде көңүлдү бура турган иш чаралар менен кадыр-баркка жеткиришине, мына ушул иш-чаралар аркылуу кээ бир топторду Азат армия сабына кошуусунан үмүттөндү... Бирок, Американын үмүтү жокко чыкты. Анткени, Идрис ичкеридеги топторду Азат армия сабына кошо албады, тескерисинче, бул армияны сактап калуу да анын колунан келбеди, анткени бир нече согушкерлер бул армияны таштап аскерий отряддарга кошулуп кетишти! Кала берсе, анын бул армиянын Америка камсыздаган курал-жарагын коргой албаганы маселени ого бетер чиелештирди. Анткени, курал-жарак складдарын башка отряддар ээлеп алды. Салим Идристин Катарга качкандыгы жөнүндө имиштер таркады. Бул болсо, Американы дагы да көбүрөөк тынчсыздандырды. Ошентип, демек Американын Салим Идрис аркылуу Азат армияны ичкериде бир

маанилүү, этибардуу тамырларга ээ кылуу тууpасындагы аракети жокко чыкты. Америка бул иштен үмүттөнгөн эле. Анткени, анын коалициядагы куурчактары чет өлкөдө. Америка Азат армия өзү ишке ашыра турган таасирдүү иш-чаралар жардамында ичкериде бекем орношо алат деп ойлогон эле. Бирок, анын үмүтү – азыр гана айтып өткөнүбүздөй – жокко чыкты. Ошондуктан, Америка урук же уруу сыяктуу тек жагынан ичкериде тамырларга ээ болгон о.э. согуштук иш-чаралар жагынан да ичкериде тамырларга ээ болгон башка командачыны издөөгө токтом кылды. Ошондо Американын назары Абдулилах Баширге түшүп аны 2014-жыл, 16-февралда Салим Идристин ордуна дайындады жана аскерий кеңеш бул тууралуу бир токтом да чыгарды. О.э. түндүктөгү Идлиб мухофазасынан полковник Хайсам Асифа Абдулилах Баширдин орунбасары болуп дайындалды. Вашингтон Баширдин түштүктө, Хайсамдын болсо түндүктө эки фронттун ичкеридеги базаларын пайда кылып эки фронт аракеттерин ылайыкташтырууну жакшырта алышынан үмүттөндү. Дайындалган мына ушул командачылар Жамал Маъруф башчылыгындагы Сирия козголоңчулары фронту менен биргеликте катуу аракет кылууга жаңыдан даярданышты. Вашингтон Баширдин түштүктөгү алакаларынан пайдалануудан да үмүттөндү. Америка ушул алакалар жардамында чет өлкөдөгү коалициянын ичкеридеги бекем таянычы боло турган жана ошол эле убакта Саудия тарабынан колдоп-кубатталып жаткан түштүктөгү козголоңчуларды кармап тура турган бир күчтү пайда кылмакчы болду.

Салим Идрис башында ачууланган мамиле билдирди. Ал коалиция төрагасы Жарбаны диктаторлукта айыптады жана фронттор командачылары о.э. аскерий кеңештер атынан бир билдирүү чыгарып, жогорку аскерий кеңеш токтому тууpасындагы жоопкерчиликти Жарбанын мойнуна жүктөдү. Ал мындай деди: «Уюмдардын

командачылары Жарбага ишенишпейт, алар аны финансылык коррупцияда жана токтомго кол койгондорго пара бергендикте айыпташат». (АФП 2014-жыл, 17-февраль). Белгилүү болгондой, Жарба жана анын табакташтары Американын ыраазылыгысыз же буйругусуз эч кандай токтомду кабыл ала алышпайт!

Кандай болгондо да Идрис мына ушундан кийин тынчып калды. Ал айрыкча 2014-жыл, 6-мартта таркаган төмөнкү кабардан кийин тынчып калды: «Сирия коалициясынын төрагасы Ахмад Жарба, башкы штабдагы беш аскерий командачы, түштүк фронт козголоңчу командачысы жана Дарадагы аскерий козголоң кеңешинин төрагасы коргоо министри Асъад Мустафанын өз отставкасын коалиция төрагасына тапшырышын жана анын орунбасарларынын отставкага чыгарылган деп эсептөөнү бир добуштан макулдашты... Бул командачылар генерал Салим Идристин башкы штаб башчылыгынан отставкага чыгышына жана коалиция башчысынын аскерий иштер боюнча кеңешчиси болуп дайындалышына о.э. жогорку аскерий кеңеш курамын кеңейтип анын мүчөлөрүнүн санын көбөйтүүгө да келишип алышты».

2014-жыл, 6-марттагы бул кабар 2014-жыл, 8-мартта тастыкталды. Анткени, «Хаят» сайты 2014-жыл, 8-мартта француз маалымат агенттиги «АФП»га таянып төмөнкү кабарды таркатты: «Сирия азат армиясынын жогорку аскерий кеңеши генерал Абдулилах Башир Наимийдин генерал Салим Идрис ордуна башкы штаб башчысы болуп дайындалышын тастыктады...».

5 – «Сирия азат армия»сынын башкы штаб башчысы, парашютчулар дивизиясынын генералы Абдулилах Башир Наимий (Израиль) басып алган Жолон дөңсөөлөрү менен чектеш Кунайтира мухофазасындагы Рафид кыштагынан болуп, ал Сириядагы эң чоң уруулардын бири болуп эсептелген Наимий уруусунун кадыр-барктуу

адамдарынан. Башир Сирия күчтөрүнөн 2012-жылдын июлунда бөлүнүп чыккан. Ал мына ошол убактан баштап Кунайтира мухофазасында «Азат армия» ядросун түзүүгө аракет кылып келди. Кийинчерээк ал бул мухофазадагы иш-чараларга башчылык кылуу, арийне ал жердеги аскерий кеңешке башчы болуу милдетин мойнуна алды. Ал иш-чаралар пунктун жеке өзү башкарды жана аскерий пландарды түздү. Бул пландар анын командачылыгы астында мухофазанын түштүк четинен 90 %дан көбүрөөгү үстүнөн көзөмөл орнотууга салымын кошту. Ошондуктан, коалиция төрагасы Ахмад Жарбанын аскерий кеңеш токтомуна комментарий берген билдирүүсүндө төмөнкүлөр келди: «Жогорку аскерий кеңештин генерал Абдулилах Баширди Сирия азат армиясы башкы штабы башчысы кызматына дайындоо жана полковник Хайсам Афисаны башкы штаб башчысынын орунбасары кылып дайындоо тууралуу токтомун коалиция кубануу менен тосуп алды». (Ал-Жазира + агенттиктер).

Баширдин сыпаттары мына ушулар. Ал түштүктөгү уруунун өкүлү жана майдан командачысы. Американы аны ушул кызматка дайындоосуна мына ушул сыпаттар үндөдү. Америка ушул сыпаттар жардамында өзүнүн чет өлкөдөгү куурчактары үчүн ичкериде таяныч пайда кылууну үмүттөнүүдө... Инша Аллах, анын бул үмүтү да мурунку үмүттөрү сыяктуу, албетте жокко чыгат. Анткени Аллах Азиз, Хаким Зат.

**Үчүнчү: Эми Түркиядагы кээ бир офистердин жабылышы жана аларды Каирге көчүрүүнүн талкуу кылынышына келсек:**

**Туура, бул тууралуу 2014-жыл, 12-февралда «Бардыгыбыз шерикпиз» сайтында кабарлар таркады. «Ортоңку Чыгыш панорамасы» сайтында да 2014-жыл, 5-февралда буга ишара кылынды.**

Бирок, бул кабарлар көпкө созулбады, тескерисинче бул кабарлар дагы жок болду. Мисалы, Ортоңку Чыгыш гезитинде 2014-жыл, 25-февралда төмөнкүлөр келди: «... Түркиядагы «Сирия коалициясынын» өкүлү Холид Хавха «Түрк өкмөтү коалициядан өз штабын Каирге көчүрүүнү талап кылгандыгы» жөнүндө «Ортоңку Чыгыш» таркаткан кабарды четке кагып «Кечээ ал Түркия тышкы иштер министрлигинин өкүлдөрү менен жолугушкандыгын, алар Түркия Сирия калкынын диктатурага каршы күрөшүн колдоп-кубаттоого байланыштуу принципиалдуу позициядан келип чыгып коалиция мүчөлөрүн алкыштай тургандыгын баса белгилешкенин» маалымдады».

Росна – Париж сайтында да 2014-жыл, 24-февралда төмөнкүлөр келди: «Сирия оппозициялык коалициясынын маалымат кеңешчиси Бахийя Мардини айымдын айтышынча, түрк өкмөтү коалициянын Түркиядагы офистерин жаап койгон жок. Мардининин Росна радиосу менен болгон атайын маекте баса белгилешинче, бул кабар Сирия режими Женева-2 өткөрүлүшүнөн мурда коалицияга каршы башталган кампаниянын алкагында пайда болгон, Сирия режимине караштуу сайттар бул кампанияны күчөтүшкөн. Мардини комментарий берип, коалиция өзүнүн офистерин Түркиянын Баржали регионунан Түркиянын Флоря регионуна көчүрдү, Сирия режими тарабынан жана Доиш тарабынан кол салуулар болушу тууралысында түрк өкмөтүнөн алынган маалыматтардын натыйжасында ушундай болду, коопсуздук себептерине ылайык коалиция өз офистерин тынчыраак орундарга көчүрүүгө мажбур болду, мындан мурда офистер адамдар ызы-чуу боло турган региондо эле, - деди».

Көрүнүп тургандай, бул тема тууралысындагы имиштердин таркалышына чындап эле негиз бар болгон. Бирок, офистер Түркиядагы бир орундан башкасына көчүрүлгөн. Мына ошондон кийин коалициянын Түркиядан бүтүндөй көчүп кетишине атайылап басым

жасалган. Мындан максат коалиция менен улуттук кеңештин дагы биригүүсү керектиги туурасында, болбосо алардын Түркиядан Каирге көчүп кетишине туура келиши туурасында эскертүү болгон. Көчүп кетүү коалициядагылар үчүн коркунучтуу иш. Анткени, көчүп кетүү аларды Сириядан алыстатат. Бул болсо, алар үчүн өлүм дегени. Анткени, бул эски малайларды Каирге айдап, алардын ордуна Түркияда дагы бир коалицияны пайда кылуу дегени! Ошондуктан, бул кабарлар өз «түшүмүн» берди. Анткени, улуттук кеңеш коалиция менен дагы бириге тургандыгын жарыя кылды! Франс Пресс агенттиги 2014-жыл, 1-мартта: «Сирия улуттук кеңешинин башкы секретариаты өзүнүн 27-28-февралда Стамбулда болуп өткөн жыйынында улуттук кеңеш уюму өзүнүн бардык түзүмдөрү менен дагы кайрадан Сирия оппозициялык козголоңчу күчтөрү улуттук коалициясынын сабына кошулууга toktom кылды», - деген кабарды таркатты.

**Сиздин суроонуздагы үч чекитке жооп менимче ушундай. Биз бул теманы күзөтүп бара жатабыз. Эгерде кошумча түшүндүрүүнү жана айкындык киргизүүнү талап кыла турган нерсени тапсак, инша Аллах, баян кылабыз. Аллах Субханаху туура жолго хидаяттоочу Зат.**

**7-жумадул-аввал, 1435-х.**

**8-март, 2014-м.**

## Саудияда Салман ибн Абдулазиздин башкарууну колго алышы

**Суроо:** *Йеменде жана Саудияда этибарды тарта турган окуялар жүз берди. Себеби, Йеменде Хувсийлер Санъа үстүнөн көзөмөл орнотушту. Алгач өкмөт, андан кийин республика президенти 2015-жылы 22-январда отставкага кетти. 2015-жылы 23-январда Саудия падышасы Абдуллах дүйнөдөн кайтты жана анын ордун Салман ибн Абдулазиз ээледи. Король*

*Абдуллахтан кийин Салман ибн Абдулазиздин бийликти колго алышы Саудия саясатын өзгөртөбү же иштер эски багыт боюнча калабы?*

**Жооп: Саудиядагы окуялар**

Эми Саудиядагы окуялар жараянына келсек, аны түшүнүш үчүн төмөндөгү суроолорго жооп алуу зарыл. Бул жараян көзү өтүп кеткен король Абдуллахтын Британия жана Америка менен болгон алакаларына негизделген мурунку план боюнча жүрүп жатабы же өзгөрдүбү? Жаңы король Салмандын саясий абалы эмнеден турат? Бул жараянды түшүнүш үчүн төмөндөгү иштерди айтып өтүш зарыл:

1 – Сауддар үй-бүлөсүнүн амирлерине Америка жана Британия таасири сиңип кеткен. Ошондуктан, Саудиядагы башкаруу ушул эки тараптын малайлары канчалык күчкө ээ экендиктерине карай болот. Мына ушундан кийин Саудия алакалары британча же америкача түс алат.

2 – Бул алакалар күзөтүлсө, Америка таасири коргоо министрлигинде экендиги маалым болот. Хижрий 1382-жылдан бери ушундай болуп келе жатат, ошол убакта министр Султан ибн Абдулазиз эле, анын Америка адамдарынын бири экендиги маалым. Министирликтеги мындай саясий абал Салман ибн Абдулазиз хижрий 1432-жылы 9-мухаррамда коргоо министри болгондо да андан ары уланды. Хижрий 1436-жылы 3-робиус-санийде анын ордун уулу Мухаммад ибн Салман ибн Абдулазиз ээледи, Салман ибн Абдулазиз болсо азыр Саудия королу болуп калды.

3 – Англистер таасири хижрий 1382-жылдан бери улуттук гвардияда орношуп келе жатат. Ошол убакта улуттук гвардия башчысы мурдагы король Абдуллах ибн Абдулазиз эле. Андан кийин хижрий 1431-жылы анын ордуна уулу Мутъаб ибн Абдуллах ибн Абдулазиз ээледи. Ал хижрий 1434-жылга чейин улуттук гвардия башчысы болуп турду, ушул убакка келип улуттук гвардия өзүнчө бир министирликке айланды. Мутъаб азырга чейин улуттук гвардия министирлигинде министр болуп келе жатат.

4 – Бул үй-бүлө тартиби боюнча, королдун кайсы бир министрликтен болушу шарт эмес. Андыктан король же принц коргоо министирлигинен, же болбосо, улуттук гвардиядан, же мындан башка тараптардан да болушу мүмкүн. Акыркы он жылдыкта болсо, башкаруучу мына ушу эки министрлик тарабынын келиши маалым болуп калды, ал эми экөөнөн башкасынын таасири кемирээк болот.

5 – Мурунку падыша Абдуллах улуттук гвардиядан эле, ошон үчүн англистер таасири Саудияда үстөм болгон. Ушуну менен бирге, ал Американы ыраазы кылуу ыкмаларын да ишке салып турган. Андыктан, Америка менен алакалар кээде курчуп, кээде жумшарып турчу. Бирок жалпы саясат британча түстө болуп, бирок ушул эле учурда, Америка менен катуу каршылыкка киришпес эле. Айтып өткөнүбүздөй, британча ыраазы кылуу ыкмалары менен иш тутулар эле. Ал эми, британча ыкманын ичи башка, тышы башка...

6 – Азыркы король коргоо министирлигинен, демек, анын убагында Америка таасиринин үстөм болушу күтүлөт. Мурунку король Абдуллах муну түшүнгөн, ошол себептен улам, ал Саудияда жаңы бир салтты ойлоп тапкан. Бул салт боюнча, принц эле эмес, балким принцтен кийинки принц да дайындала турган болду. Негизи, мурдагы салт боюнча, король өз принцин өзү дайындар эле. Бирок, мурунку король Абдуллах азыркы король Салман ибн Абдулазиздин Америкага малай экендигин жакшы билген. Ушул себептен улам, Салман өз принцин өзү дайындабасы үчүн, принцтен кийинки принцти король Абдуллах өзү дайындап кетти. Муну менен ал, жаңы король өзүнө Америка адамдарынан принц дайындап алышына тосук койду. Ал Мукринди Салман ибн Абдулазиздин принци кылып дайындап кетти.

7 – Мукрин англистер менен алакада экендиги маалым. Ал Британияда окуган. Ал Британиядагы белгилүү Кромвель мектебин бүтүргөн. Мурунку король Абдуллах ага ишенип эле калбастан, балким ал анын

жакындарынын бири эле. Мурунку королдун принцтен кийинки принцти да дайындап коюудан көздөгөн максаты – Салман ибн Абдулазизден кийин Америка кадрларынын аягын үзүп коюш эле. Ошондуктан да, король Абдуллах принцтен кийинки принцти алып таштоого тыюу сала турган буйрук чыгарып, аны бекемдеп койду!

8 – Жогоруда айтылгандарга ылайык, азыркы саясий абал төмөндөгүдөй:

а) Жаңы король Америкага жакын болсо, анын принци англистерге жакын.

б) Бул болсо, Америка таасири үстөм болушун жана Британия таасири аны менен кандайдыр бир деңгээлде кагылышарын түшүндүрөт.

в) Мунун натыйжасында Америка менен Саудия ортосундагы кескиндик азаят, бул болсо нефть наркынын түшүшүн токтотууга таасир этиши мүмкүн. Себеби мурунку король жана анын артында турган англистер нефть наркын түшүрүү аркылуу Американын сланец нефтисинен ала турган пайдаларын бекер кылмакчы болгон. Анткени, сланец нефтисине кете турган сарп-каражат бир баррелге 70 долларды талап кылат, ошон үчүн, ал пайда келтирбей турган болуп калат. Ал эми табигый нефтке кете турган сарп-каражат бир баррелге 7 доллар талап кылат. Муну биз 2015-жылы 7-январда берген Жоопубузда баян кылган элек.

9 – Акырында айтарыбыз, Ислам жана мусулмандар душманы болгон куфр мамлекеттеринин – мусулмандар кыбыласы болгон жерде, Расулаллах с.а.в.га вахийюл амин түшкөн жерде, дарул хижрат жана алгачкы Исламий мамлекет борборун өз ичине алган жерде – таасирге ээ болушу жүрөктү албетте жаралайт! Бирок, Исламдын ушундай эр кишилери бар дейсиң, алар күнү-түнү Аллахтын уруксаты менен чын дилден жана ихлас менен Ислам мамлекетин, рошид Халифалыкты кайра тикелөөгө аракет кылып жатышат. Халифалык Азиз Заттын уруксаты менен албетте тикеленет.

Ошол күндө момундар Аллах нусраты себептүү шаттанышат, колонизатор капырлар өз уяларына качып киришет.

**5-робиус-саний, 1436-х.**

**25-январь, 2015-м.**

## Трамптын Саудия жана басып алынган Палестинадагы сапарынын натыйжалары

**Суроо:** *«Русиял Явм» сайты 2017-жылы 26-майда «Рейтер» агенттигинен көчүрүп, Америка сенаты Саудия менен түзүлгөн 460 миллиард долларлык келишимге каршы добуш берүүнү көздөп жатканын ачыктады: «Америка сенатынын мүчөсү Трамп Саудия менен түзгөн курал-жарак жөнүндөгү келишимди четке кагуу сунушу менен чыкты жана кеңештен ушул токтом үчүн добуш берүүнү талаб кылды...». Эмне үчүн конгресс Америка экономикасы кризисте турган учурда Американын жети уктаса түшүнө кирбеген мындай келишимди четке кагууда? Андан тышкары, Трамп сафары Саудияга чоң таасир кылды, Булуң мамлекеттеринин жетекчилери Саудияга чогулду, кийин Трамп Палестинага барды. Бул визит Палестина проблемасына алакадар саясий долбоорго ээ экенин түшүндүрөбү? Аллах сизге береке берсин.*

**Жооп:** Конгресс мындай сунушу менен чыгуусу саясий соодалашуу болуп эсептелет. Күчтүүрөөк ыхтымал ушул: бул сунуш келишимдин мазмунуна таасир кылбайт, тескерисинче келишимди өркүндөтүшү мүмкүн. Анткени, келишим заводдорду жандантуу аркылуу Америка экономикасын өнүктүрөт жана үлкөн жумуш орундарын түзөт. Ошондуктан, Американын бардык партиялары ушуну көздөйт. Конгресстин келишимди четке кагышы же четке кагууга урунушунун акыйкатын жаркын түшүндүрүү үчүн төмөндөгүлөрдү көрсөтүп өтөбүз:

1 – Америка президенти Трамп Америкада маалымат каражаттарынын үгүтү күчөп турганда 2017-жылы 20-майда Саудия борбору

Риязга барды. Араб каналдары бул сафарды Ислам дүйнөсү менен жарашуу сафары деп чыгышты. Трамп Сауддар менен жолугушуп Барак Обама жетише албаган жылуу мамилеге ээ болду. Анткени, Трамп Саудияны, анын королун жана жетекчилерин аябай мактады, алар мындай сөздөрдү мурунку президенттерден угушпаган болчу. Трамп оболу Саудия королу Салман менен жогорку даражада жолугушуу өткөрдү, кийин 2017-жылы 21-майда алты Булуң мамлекетинин король жана амирлери менен жолугушту. Ошол күнү эле 55 исламий өлкөлөрдүн жетекчилери менен жолугушту, бул жолугушуулар Трамп лекция өткөн көрүнүштө өттү. Мындан тышкары, Трамп менен ушул мамлекеттердин айрым жетекчилери ортосунда экинчи даражалуу жолугушуулар да болуп өттү... Бул жолугушуулардын натыйжасы катары, ушул мамлекеттер менен АКШ ортосунда «экстремизм жана терроризмге» каршы күрөшүү үчүн ишенимдүү шериктештик алкагында «экстремистик» фикирге каршы күрөшүү борборун ачууга келишилди. Бул үчүн Рияз борбор катары белгиленип, жолугушуунун корутунду билдирүүсү «Рияз жарыясы» деп аталган билдирүүдө толук камтылды. Ошентип, Саудия Батыш «терроризм» деп, Трамп «радикал исламий терроризм» деп атаган нерсеге каршы күрөштү каржылай турган болду... О.э. «Рияз жарыясында» Рияз шаарында «Ортоңку Чыгыш стратегиялык союзун» түзүү ыхтымалы жана «Бир канча мамлекеттер региондо жана дүйнөдө тынчтыкты жана коопсуздукту жүзөгө чыгаруу үчүн ушул союзга кошулушу, бул стратегиялык союз 2018-жылы түзүлүшү» жөнүндө айтылды.

2 – Трамп үчүн бул жыйындан да, «экстремизимге каршы күрөшүү» борборунан да, союздан да көрө Саудия менен түзүлгөн экономикалык келишим ийгиликтүү болду. Анткени, Америка экономикасы кризис жана соккулардан кийин дүйнөдө биринчи орунда турганына карабастан, жар жакасына келип калды. Кытай экономикасы токтобой өсүп жаткан учурда Америка үчүн үлкөн карыздарды жоюу жана экономиканы өстүрүү эң зарыл маселеге айланды. О.э. экономикага алакадар маселелер Америка

жетекчилери үчүн биринчи даражалуу жана тышкы экономикалык саясаттагы маанилүү маселеге айланды. Америка президенти Трамп 2016-жылдагы президенттик шайлоодо америкалыктарга жумуш орундарын түзүү, Америка компанияларын Америкага кайтууга үндөө жана дүйнө мамлекеттерин Америка аларды коргоп жатканы үчүн финансылык «салык» төлөөгө мажбурлоо аркылуу Америка экономикасын бутка тургузуу сыяктуу ураандарды көтөрүп чыккан. Трамп пайдалуу келишимдерди түзүүдө жөндөмдүү капиталист болгондугу – республикачылар Трампты президенттикке талапкер кылып көрсөтүүгө үндөдү.

Трамп ушул саясатын улантып, Ангела Меркель 2017-жылы 17-мартта Вашингтонго сафар кылганда андан Америка Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Германияны коргогондугунун акысына ашкере этпестен миллиарддаган долларларды берүүнү талаб кылды. О.э. 2017-жылы 28-мартта Түштүк Кореядан ушул мамлекетке Американын «THAAD» ракеталары жайгаштырылышынын акысына миллиард доллар талаб кылды. Түндүк Корея ракета сыноолорун өткөрүп эки мамлекет ортосунда кескиндик күчөгөндөн кийин Америка армиясы ушул «THAAD» ракеталарын жайгаштырган... Бирок, Германия Америка аскерлери ушул мамлекетте турганынын акысына карыз болуудан баш тарткандай, Түштүк Корея да «THAAD» ракеталары орнотулушунун акысына акча төлөөдөн баш тартты. Ошентип, Американын эл аралык финансылык «салык» чогултуу аракети ийгиликсиздикке жүз тутту. Бирок, Америка бул жаатта Саудия жана Булуң мамлекеттери менен түзүлгөн келишимдерде ийгиликке жетти. Бул нерсени Трамп менен Саудия ортосунда кол коюлган үлкөн баадагы келишимден көрүүгө болот.

Башкача айтканда, Американын «салык» чогултуудагы саясатынын ийгилиги Саудияда көрүндү. Анткени, Америка тарыхта эң үлкөн курал-жарак келишимине кол койду. «Ал-Жазиранын» Мубашир каналы 2017-жылы 20-майда мындай хабар таратты: «Саудия королу Салман менен

Америка президенти Трамп ишемби күнү Саудия борбору Риязда бир канча келишимдерге кол коюшту. Ак үй Рияз менен 460 миллиард долларлык аскерий келишимдерди түзгөнүн маалымдады. Саудия соода министри Мажид Касабий Американын 23 гигант компаниясына Саудияга инвестиция жаткырууга урухсат бергенин айтты. «Ал-Жазиранын» Рияздагы хабарчылары маалымдашынча, Саудия менен Америка 460 миллиард долларлык коргоо келишимдерин түзүшкөн. Ошонун 110 миллиард доллары жакында ишке ашырыла турган аскерий келишим болуп, Вашингтон Саудияга зарыл болгон курал-жаракты жеткирип берет. Ал эми, калган 350 миллиарды он жыл ичинде ишке ашырылат».

Бул келишим өтө үлкөн болгондуктан Американын «Доу Жонс», «Стандард энд Пурс» жана «Насдак» сыяктуу негизги биржаларда акциялардын баалары жогорулап кетти. Бул келишимдерге назар салсак, Саудия мамлекеттин кирешесинен бир канча эсеге көп каражатты Американын курал-жарак өнөр жайына «куюп» жатканын көрөбүз. (Саудиянын 2016-жылдагы кирешеси 528 миллиард риялга т.а. 140 миллиард долларга барабар. Арабия нет, 2016-жыл, 22-декабрь). Ошентип, Трамп издеген финансылык каражатын Саудиядан тапты!

3 – Ал эми, конгресстин сунушу саясий соодалашуу болуп эсептелет. Күчтүүрөөк ыхтымал ушул: бул сунуш келишимдин мазмунуна таасир кылбайт, тескерисинче келишимди өркүндөтүшү мүмкүн. Анткени, келишим заводдорду жандантуу аркылуу Америка экономикасын өнүктүрөт жана үлкөн жумуш орундарын түзөт. Ошондуктан, Американын бардык партиялары ушуну көздөйт. Бирок, жогоруда айтып өткөнүбүздөй, бул, саясий соодалашуу. Трамп Россия менен болгон байланышы жөнүндөгү жаңжалдарды, күйөө баласы жана туугандарына каршы маселелерди жабууга аракет кылды. Трамп булардын баарын ушул экономикалык келишимдер жана ушул чоң сандагы мамлекет жетекчилерин топтогон саясий иши аркылуу жапты. Анткени, Трамптын сафары, жолугушуулары, Саудия менен

түзгөн үлкөн курал-жарак келишимдери, бир канча мамлекеттерден келген мусулман падыша жана жетекчилери Трамптын лекциясына чогулуусу жана Америкага итаат кылышы, бул нерселерди Америка басма сөзү кеңири ачыктаганы президент Трампты жана анын жетекчилигин жогорудагы жаңжалдардан белгилүү бир убакытка чейин арылтты. О.э. Трампты жеңиш жана ийгилик ээси кылып көрсөттү. Бирок, Трамптын шерменделигинен жана саясий иштердеги алсыздыгынан тышкары, дагы бир канча проблемалары бар, азыркы учурда алар маанилүү эмес.

Мына ушундан чоң сандагы мусулман падыша жана жетекчилер Америка президентин күтүп алуу үчүн ыкчам чогулушканын жана мындай нерсе бул көлөмдө биринчи жолу болуп жатканын билип алуу мүмкүн. «Deutsche Welle» сайты 2017-жылы 19-майда мындай хабар таратты: «Саудия Америка президенти Дональд Трамп жана Риязга чакырылган 55 мамлекеттин жетекчилери катыша турган жолугушууга катуу даярдык көрүүдө. Америка президентинин Саудияга келиши басма сөздө кеңири маалымдалууда. Байкоочулардын айтымында, Саудия тарыхта биринчи жолу болуп жаткан мындай жолугушууга көптөгөн мусулман жана араб жетекчилерин чакыруу менен ушул визитке дүйнөнүн көңүлүн бурган». Ошондуктан, айрым конгресс мүчөлөрү, өзгөчө демократтар жогорудагы саясий соодалашууну башташты.

4 – Ал эми, Булуң акимдерине келсек, Америка алар Британияга малай экенин билсе да, аларды арбап өзүнө оодурууну каалайт. Америка муну алар менен курал-жарак келишимдерин түзүү жана аларды Иран коркунучунан коркутуп, ушул мамлекеттердин ички иштерине аралашуу аркылуу жүзөгө чыгарат... Трамп мындай деди: «Америка жетекчилигин жакшы күтүп алган Катар маанилүү стратегиялык шериктеш болуп эсептелет. Кувейт жана Бахрейн менен болгон узак мөөнөттү кызматташтыгыбыз региондогу коопсуздукту бекемдейт... Бириккен Араб Амирликтери жан дили менен согушка катышты жана интернетте

алгылыксыз нерселер таратылышына каршы күрөшүүдө борбор ачуу үчүн Америкага урухсат берди. Бахрейн болсо терроризм жана экстремизмди жоюу үчүн аракет кылууда». («CNN», 2017-жыл, 21-май).

«Америка президенти Дональд Трамп АКШ менен Катар ортосунда курал-жарак боюнча жаңы келишим түзүү жөнүндө сөз кылды. «Ассошиэйтед Пресс» агенттиги хабарлашынча, Америка президенти Катар амири менен «аскерий курал-жарактарды» сатуу жөнүндө сүйлөшкөнүн айткан. Трамп менен Катар амири Шайх Тамим бүгүн Рияз шаарында жогорку даражадагы Ислам-Америка жолугушуусунан кийин, экинчи даражалуу сүйлөшүүлөрдү өткөрдү. Сүйлөшүүлөрдө Америка президенти: «Эч ким Америкадан жакшыраак курал-жарак иштеп чыгара албайт» деди жана келишимге ишара кылып: «Жакында Америкада жумуш орундары түзүлөт жана Катардын коопсуздук кубаты бекемделет» деди...». (Миср, «Dot» каналы, 2017-жыл, 21-май).

Американын регион мамлекеттерин Иран коркунучунан коркутуу саясатынын максады – Америка бул акимдерге Иранга каршы «жагымдуу» сөздөрдү айтып, алар менен курал-жарак, аскерий базалар жана жабдыктар тууrasында келишим түзүү. Мында бардык чыгашаларды Булуң мамлекеттери көтөрөт, Америка болсо Иранга каршы эч бир чара көрбөйт. Тескерисинче, Обама доорунда Йемендеги Хусийлерди куралдантууда Иранга таянгандай, Сириядагы козголоңду бастырууда да Иранга таянат. О.э. Ирандын Ирак жана Ливандагы таасири сакталып турушуна жол ачат. Трамп Риязда сүйлөгөн сөзүндө Хизбулланы террорчу жамаат деп тилге алган болсо да, Хизбулланын Сирияга киришине жашыруун жолдорду ачып берген жана Жарад Арсалда аны менен бирге Сирия козголоңчуларына каршы согушкан Ливан армиясын мактаган.

Булуң акимдери Саудия акимдери сыяктуу эле Америка Иранды алардын тактыларын силкинтүүгө багытташынан кооптонот. Ошондуктан, алар Америка Иран жана анын коркунучу жөнүндө сүйлөгөндө, амалда эч

нерсе кылбаса да, анын каалоосун аткарышат. Трамп мындай деди: «Иран Ливандан тартып Ирак жана Йеменга чейин жеткен региондо башаламандыкты жана ойрондулукту жайып жаткан экстремист жамааттарды, террорчуларды жана согушкерлерди куралдантууда жана акча менен камсыздоодо. О.э. мазхабчылык жана террор согуштарын күчөтүүдө. Иран бийлиги кыргын кылуу жөнүндө сүйлөп, Израилди жок кылуу, Америкага өлүм болушу, региондо лидер болушу жөнүндө коркутууда. Ирандын Сирия иштерине аралашуусу туруктуулукка зыян жеткирет. Анткени, Асад Ирандын жардамы менен болуп көрбөгөн кылмыштарды жасады...». («CNN», 2017-жыл, 21-май).

Мындан Америка кудум Иранды бул иштерге буйрубагандай жана Булуң акимдери бул нерселерди билбегендей болуп туюлат. Америка Иранды изоляция кылууга чакырып, бирок Иранга каршы эч бир чара көргөн жок. Трамп шайлоо кампаниясында Иранга каршы сүйлөгөн болсо да, Америка дале Иран менен түзүлгөн ядролук келишимин бузбаган... Америка булардын баарын Булуң мамлекеттерин Иран деген мокочодон коркутуу үчүн кылат жана ушул аркылуу алар менен курал-жарак, аскерий база жана жабдыктар тууралуу келишимдерди түзөт. Андан тышкары, жогоруда айтканыбыздай бардык чыгашаны Булуң мамлекеттерине милдеттендирет.

5 – Ал эми, яхудий вужуду менен болгон саясий долбоор, Трамп 2017-жылы 22-майда Саудиядан кийин Палестинага барганы жана ал жерге саясий чечим үчүн долбоор алып баргандыгы жөнүндөгү суроого келсек, бүгүн Америка Палестина проблемасы жөнүндө баш катырбайт, анткени бүгүн Америка жетекчилигинин башка маанилүү маселелери бар...

Биз 2017-жылы 12-майда чыгарган суроо-Жоопдо мындай дегенбиз: «Араб регионундагы, өзгөчө Сириядагы кырдаалдан жана Америка менен Түндүк Корея ортосундагы кескиндиктен улам Палестина проблемасы Американын азыркы жетекчилиги үчүн биринчи даражадагы проблема болбой турат. Ошондуктан, Америка бул проблемага карата шашылбай

мамиле билдирүүдө... Палестина маселесинин келекчектеги чечими жөнүндө изденүүдө жана арабдар, өзгөчө палестиналыктар менен яхудий вужуду ортосунда сүйлөшүү баштоо мүмкүнчүлүктөрүн үйрөнүп жатат. Сөздөрүбүздү «BBC» 2017-жылы 13-мартта тараткан хабары тастыктайт: «Рейтер маалымат агенттиги Палестина жетекчилигинин өкүлү Нубайл Абу Радийнанын: Трамп Аббаска кайрадан сүйлөшүүлөрдү баштоо тууралуу изденип жатканы жөнүндө, «чыныгы тынчтыкка алып бара турган тынчтык амалияттарын» ишке ашыруу жөнүндө сүйлөдү деген сөздөрүн тараткан. О.э. Трамп Ак үйдө Аббас менен бирге өткөргөн басма сөз конференциясында: «Мен эмне зарыл болсо, ошону кыламын... Эки тарап ортосунда ортомчу, же жолдоочу, же судья болууга ыраазымын, биз бул жаатта жакында ийгиликке жетишебиз». («Русиял Явм», 2017-жыл, 4-май)». Башкача айтканда, азыр Сирия жана Түндүк Корея маселеси толук чечилмейин, Америка Палестина проблемасы жөнүндө белгилүү бир планды сунуштабайт.

Ошондуктан, Трамп сүйлөшүүлөрдү кайрадан жандантуу жана ал каалаган тынчтык жараянын баштоо тиякта турсун, ал азыр Палестина проблемасы жаатында эки тарапты үйрөнүү, изденүү жана курулай сөздөрдү айтуу баскычында турат... Америка өзү каалаган же яхудий вужуду каалап жаткан чечимге келүү үчүн алардын жолугушуусун каалайт, ошондуктан алардан сүйлөшүүлөрдү өткөрүүнү талаб кылууда. «АКШнын БУУдагы өкүлү Никки Хейли шейшемби күнү Палестина өкүлү Рияз Мансур менен биринчи жолу жолугушту. Жолугушуудан кийин «Твиттер» аркылуу: «Палестиналыктар натыйжага жетишүү үчүн БУУга кайрылуунун ордуна израилдиктер менен сүйлөшүү өткөрүшү керек» деген...». («BBC», 2017-жыл, 11-март).

6 – Корутунду катары ушуну айтабыз: бузгунчу баалуулуктары жана сасык хазараты себептүү Американын ичин курт кемирип жаткан болсо да, бирок, ал мусулман өлкөлөрүндө каалагандай шүмшүңдөп жүргөнү жана өзүлөрүн аким деп эсептеп жаткандар анын кызыкчылыгына кызмат кылуу

үчүн бир-бири менен мелдешип жатканы өкүндүрөт. Ал колу менен ишара кылса, а түгүл, көзүнүн кыйыгы менен карап койсо, 55 рувайбиза Ислам жана мусулмандарга карата үлкөн кылмыштарды кылып жаткан кафирге итаат кылуу жана достугун билдирүү үчүн бир-бири менен мелдешип жатканы өкүндүрөт... Андан тышкары, мусулмандардын байлыктары Америка экономикасын тургузуп, америкалыктарды жандантып жатканы, алардын жумушсуздугун жоюп, байытып жатканы, ошол эле учурда, мусулман өлкөлөрүндө жумушсуздук болуп көрбөгөн чегине жеткени өкүндүрөт.

Малайлар – Аллахтын шариаты бардык мусулмандардын мүлкү деп белгилеген – бул байлыктарды ээлеринен тартып алууда. Малайлар бул байлыктарды мусулман өлкөлөрүндө ишке ашырып жаткан кыргындарын дагы да күчөтүшү үчүн Трамптын колуна тапшырышууда. Мунун себеби анык, биз аны айтканбыз жана дагы кайталап айтабыз... Мунун себеби – артында туруп коргоно турган Халифанын жоктугу. Абу Хурайра риваят кылган хадисте Расулуллах с.а.в. айтты:

**«Имам – калкан, анын артында туруп согуш кылынат жана аны менен коргонулат».** (Имам Муслим). Аллах жана Расулун жакшы көргөн ар бир мусулмандын өмүр жана өлүм маселеси – Аллахка калыс жана Расулуна садык болуп олуттуу аракет кылуу. Рошид Халифалыкты тикелөө. Мына ошондо сахих хадисте келгендей жабыр көрсөтүүчү залим башкаруудан кийинки Расулуллахтын кушхабары жүзөгө чыгат. Расулуллах с.а.в. айтты:

**«Кийин жабыр көрсөтүүчү залим падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаган аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот»**. (Ахмад жана Таялисий). Ошондон кийин мусулмандар азиз жана колонизатор кафирлер кор болот.

**Мубарак рамазан айынын биринчи күнү, 1438-х.**

**27-май, 2017-м.**

## Саудияда кандай окуялар жүз берүүдө?! Американын бул окуяларда орду кандай?!

**Суроо:**

*2017-жылдын 11-сентябрында «Мудун» маалымат сайты Саудияда жүрүп жаткан жемкордукка каршы күрөшүү кампаниясы аскерий чөйрөнү да камтыганын маалымдады. Саудияда жүрүп жаткан жемкордукка каршы күрөшүү кампаниясынын расмий жоопутуусу, мурда коргоо министирлигинде иштеген, учурда эс алуудагы 14 офицер жана жарандык коргонуу башкы башкармалыгынын эки офицери паракордукка шектелип кармалгандыгын билдирди. («Аль мудун», 2017-жыл, 19-ноябрь). 2017-жылдын 4-ноябрында падыша Салман бин Абдул Азиз шахзаада Мухаммад бин Салмандын башчылыгында жемкордукка каршы комитет түзгөндөн бери камоолор жүз бере баштады. Бул камоолор ондогон мурунку министрлерди, ишкер лидерлерин өз ичине алды. О.э кармалгандардын жана алардын жакындарынын банктык эсептери тоңдурулду. «Reuters» маалымат агенттиги, паракордукту иликтөө комитети башкаруудагы Сауд үй-бүлөсүнүн эң көрүнүктүүлөрүнүн бири жана шахзаадалыктан алынган Мухаммад бин Наифтин жана анын жакындарынын банктык эсептерин тоңдургандыгын маалымдады. Мухаммад бин Наиф Салман өз баласы Мухаммад бин Салманды шахзаадалыкка дайындай электе шахзаадалык орунду ээлеп келген. Паракордукка каршы күрөшүү комитети тарабынан 11 амирдин иши токтотулду. («БИ-БИ-СИ» арабий, 2017-жыл, 8-ноябрь).*

*Мындай окуялар эмнени каңкуулайт? Бул окуяларда Американын орду кандай?*

**Жооп:**

Жооп түшүнүктүү болушу үчүн Сауддар үй бүлөсүнө жана алардын чет жак менен болгон байланыштарына бир аз токтолобуз. Андан соң суроонун Жоопуна өтөбүз:

1 – Сауддар үй-бүлөсү колонизатор каапырлар менен Исламий мамлекет сыпатындагы Усманий мамлекетке каршы биринчи көтөрүлүш чыгаргандан баштап байланышта. 1788-жылы Саудия Британиянын тукуруусу менен Кувейтке жортуул жасады. 1803-1804-жылдары Мекке, Мадинага жортуул жасады жана аларды басып алды. 1810-жылы Дамаскка чабуул койду. Дамаск эли буга катуу каршылык көргөздү. Бирок, ага карабастан Халаб жана башка жерлерди басып алды. Алар өз амалдарында вахаб мазхабын колдонушту. Британия Сауддар үй-бүлөсүн Ислам мамлекетине каршы пайдалана алды. Кийин 1818-жылы Ислам мамлекети Сауддар үй-бүлөсү жетектеген каршылык көтөрүлүшүн Мисрдеги валийи Мухаммад бин Али аркылуу басып, бир жаңсыл кылды. Бирок, Британия 19-кылымдын аягында 1891-жылы Саударды кайрадан кыймылга келтирди. Бул жолкусунда дагы Ислам мамлекети алардын көтөрүлүшүн басты. 1901-жылы Британия аларды кайрадан аракетке келтирди.

Сауддар үй-бүлөсүнүн Британия менен болгон байланышы ачыктан-ачык экени жашыруун эмес. Британия Усманий мамлекетинин алсыздыгынан жана анын Биринчи дүйнөлүк согушка катышуусунан пайдаланды. Ошондуктан, Британия Сауддар үй-бүлөсү Нажд, Хижаз элдерине үстөмдүгүн орнотконго чейин аларга колдоо көргөздү. Сауддар үй-бүлөсү Нажд жана Хижаз элдери менен узак убакыт согуш жүргүздү. Кийин аларга үстөмдүгүн орнотуп, Британиянын жардамы менен 1932-жылы ошол доордогу биринчи мамлекетүүлүгүн жарыя кылды.

Бирок, Америка бул жерлердеги нефти байлыктарын билгенден кийин, эбегейсиз байлыкка шилекейи ага баштады. Бул жерлерде өзүнүн саясий чөйрөсүн пайда кылуу жараянын баштады. Анын биринчи кадамдары падыша үй-бүлөсүнүн кээ бирлерин өзүнө тартуусу менен көрүндү. Айрыкча, Саудия мамлекетинин негиздөөчүсү Малик бин Абдул Азиз 1953-жылы өлгөндөн кийин тактынын мураскерлери арасынынан өзүнө кээ бирлерин

тарта алды. Мына ушундайча бул жерде Британия-Америка күрөшү башталды.

2 – Азыр болсо Америка малайы Салман иш тизгинин колуна алды. Ал саясий чөйрөдөгү британиячыл адамдарды тазалоо иштерин баштады. Өзүнөн мурунку падыша Абдулла Британия малайы эле. Ал башкаруу чөйрөсүндө британиячыл адамдардын топтолушуна аракет кылды. Бирок, үй-бүлөлүк салттан улам, шахзаадалык мансапка Салман бин Абдул Азизди дайындоого мажбур болду. О.э башкаруучулардын үй-бүлөсүндө туруктуулук өкүм сүрүшү үчүн ушундай кадамга барды. Абдулла, бир тууганы Салман бин Абдул Азиз Американын малайы экендигин билген. Ошондуктан, Абдулла Британия таасирин сактап калуу максатында жаңы мансапты ишке киргизди, тагыраагы шахзаадалыкка валийлик мансабын киргизди. Өзүнүн бир тууганы Салманды шахзаадалык мансабына дайындады. Ал эми, кийинки бир тууганы Мукрин бин Абдул Азизди мансаптагы иштерди аткарууга дайындады. Башкача айтканда шахзаадага валийлик кылуу мансабы. Абдулла, Салман карыган жана оорулуу, ошондуктан иш тизгинин Салман өлгөнгө чейин Мукрин колго алат деп ойлогон. Салман өлгөндөн кийин үй бүлөлүк чынжыр негизинде Мукрин бийликти колго алат деп эсептеген. Мындай абал Шах Фахдин ооруп, Абдулла иш тизгинин колуна алганда жана 2005-жылы Шах Фахдин өлгөндөн кийин Абдулла бийликти колуна алган учурда болгон. Бирок, 2015-жылдын башында Абдулла өлгөндөн кийин Салман бийликти колуна алды. Бирок, абал Абдулла ойлогондой ишке ашкан жок. Салман «Мукринди» иштен алды жана анын ордуна «Мухаммад Наифти» шахзаадалык мансапка дайындады. Шахзаадалык валий мансабына баласы «Мухаммадды» дайындады. Маанилүү кызматтардагы Абдулла дайындаган адамдардын көп бөлүгүн кызматтан алды. Салман 2017-жылдын 21-июнунда Мухаммад Наифти шахзаадалык кызматтан алганга чейин баласынын бийлигин чыңдап

келди. Кийин баласын шахзаадалык мансабына дайындады жана шахзаадалыкка валийлик кылууга эч кимди дайындабады.

3 – 2015-жылы 25-январдагы суроо-Жоопдо: Абдулла өлгөндөн кийин Салман бийликке келсе мындай болот деген элек: «Бийликке жаңы келген падыша «Салман» коргоо жаатындагы адамдардан. Ошондуктан, мунун доорунда Американын таасири күчөй тургандыгы күтүлөт. Абдулла ушундай боловрун да билген. Ошол себептен Сауддар үй-бүлөсүндөгү өкүм сүргөн каада салтына кошумча каада кошту. Жаңы кызмат шахзаадалыкка валийлик кылуу кызматы болду. Анткени, Абдулла Салман Америка менен бирге жүрө тургандыгын билген. Ал тургай, аны шахзаадалыкка дайындабай турган учурда дагы ушундай болушун билген. Сауддардын салтына ылайык, падыша шахзаадалыкты дайындайт. Падыша Абдулла шахзаадалыкка валийди дайындады. Себеби, жаңы бийликке келген падыша менен шахзаадалыкты дайындай турган жөрөлгөнүн ортосун ажыратууну максат кылды. Башкача айтканда, америкачыл адамдар шахзааданы дайындабашы үчүн ушундай кылды. Падыша Абдулла ушул максатта шахзаадалыкка валийлик кызматка Мукринди дайындады. Салманды болсо шахзаадалыкка дайындады». Ушул эле суроо-жоопто «Маалым болгондой Мукрин Британия менен алакасы жакшы. Ал Британиянын Cranwell аймагындагы белгилүү мектептин бүтүрүүчүсү. Ал Абдулланун ишенимдүү адамдарынан. Балким ага жакындардан да болуп саналган. Абдулланын жаңы кызматты ишке киргизиши, башкача айтканда, шахзаадалыкка валийлик кылуу кызматы Салмандан кийин америкачыл чынжыр уланбашы үчүн болду. Падыша Абдулла бул жаңы кызматын мыйзам менен да күчтөндүрдү, тактап айтканда, шахзаадалыкка валийлик кызматын жокко чыгарууга тыюу салган мыйзам менен да бекемдеди».

Бирок, британиячылардын ойлогон оюу ордунан чыкпай калды. Салман каада-салт, мыйзамды жана үрп-адатты бузуу менен Мукринди кызматтан алды. Анын ордуна убактылуу Наифти дайындады. Кийин болсо баласы

Мухаммадды шахзаадалыкка дайындады. Андан соң бийлигин күчтөп алуусу үчүн эң зарыл кызматтардын ыйгарым укуктарын да ага берип койду.

4 – Ал эми, 2017-жылы 4-ноябрда падыша Салман өзүнүн баласы Мухаммаддын башчылыгында жемкордукка каршы күрөшүү комитетин түзүүсү жана анын артынан эле коопсуздук кызматынын 11 амирин, учурда иштеп жаткан төрт министирди иштен алып камакка салуудан максаты паракордукка каршы күрөшүү эмес. Дароо паракордукка шектеп иштен алуу жана камакка салуунун артында, туруксуздук, ыңкылап жүз беришинин алдын алуу иш чарасы жатат. Ошондой эле камоолор муну менен токтоп калган жок. Ондогон мурунку министирлерди, бизнес лидерлерин камакка алышты. Алардын жана алардын жакындарынын банктык эсептерин да тоңдурду. Банктык эсептерди тоңдуруунун саны 1700гө чейин жетип барды. Банктык эсептерди тоңдуруу саат сайын өсүүдө («Reuters»). Банктык эсеби тоңдурулгандардын ичинде шахзаадалыктан кетирилген Мухаммад Наиф да бар. Ошондой эле анын жакындарынын да банктык эсептери тоңдурулду. «Саудия бийлиги кызмат ордунан кыянаттык менен пайдаланган деп шектелгендердин көпчүлүк бөлүгү кармалгандыгын билдирди жана камоолор үй-бүлө мүчөлөрүн, ишкерлерди, ошондой эле төмөнкү кызмат адистерин да өз ичине алгандыгын маалымдады» («Reuters»). Булардын баары, Саудия бийлиги ыңкылаптын алдын алуу максатында ушундай кадамдарга баргандыгын тастыктап турат. Паракордукка каршы күрөшүү кампаниясы мурунку падышанын жакындарын, балдарын да өз ичине алды. Мутаб бин Абдулла Британиянын аскерий академиясы «Сандхерстин» бүтүрүүчүсү. Британиянын бул академиясында жалаң гана өзүнө малайлык кыла тургандарды окутуп чыгарат. Британиянын бул академиясында Мутабдан мурда Булуң мамлекеттеринин жана Иорданиянын башчылары да окуп бүтүрүшкөн. Анын бир тууганы Турки бин Абдулла Британиянын аскерий илимдер стратегиясы боюнча Уэльс Университетинин магистр даражасына ээ. Салман бийликке келгенден кийин Туркини Эр Рияд

амирлигинен алып салды. Ушундан көрүнүп тургандай, Америка паракордукка шектөө менен Британия малайларын тазалоо жолун тапкандай көрүнүүдө. Америка Салмандын жана анын баласы Мухаммаддын ушул ыкманы ишке салуусуна түрткү берди. Ошондуктан, учурда бийликтеги көптөгөн британиячыл адамдарды паракордукка шектөө менен тазалоо иши уланууда. Айрыкча, бул бийликтеги адамдардан мурункусу болобу же кийинкисиби айырмасы жок, баардыгынын колу паракордукка малынган. Алар адамдардын акысын жегендиктен, ири долбоорлорду мыйзамды бурмалоо менен өз жакындарына ыйгаргандыктан, башкалардын укуктарын тебелеп зулум кылгандыктан, кызматтарынан кыянаттык менен пайдалангандыктан, өздөрүнүн чөйрөсүнө ылайыктуу чечимдерди чыгарып жалпы элдин акысын жегендиктен таза эмес. Болбосо, Аллахтын шариятын ишке ашырбай колонизатор каапырлардын мыйзамын ишке ашыргандан да чоңураак жемкордук барбы?!

5 – Америка жемкордукка каршы күрөшүү кампаниясын жана аны ишке ашырып жаткандарды колдоого алгандыгын көрүп жатабыз. 2017-жылы 6-ноябрда Америка президенти өзүнүн «Twitter» баракчасында мындай деди: «Менин Саудия падышасы жана шахзаададан чоң ишенимим бар. Ал экөө эмнени ишке ашырып жаткандыктарын жакшы түшүнүшөт. Ал экөөнүн катуу мамилесине дуушар болуп жаткандар көптөгөн жылдар мамлекетти тоноп келишкен». «Сауд пресс» агенттигинин маалыматында: «Саудия падышасы 2017-жылы 5-ноябрда Америка президенти менен телефон аркылуу мамлекетте жүз берип жаткан саясий окуялар тууралуу сүйлөштү. Экөө эки мамлекет ортосундагы көп тараптуу кызматташтык тууралуу жана аны өнүктүрүү жөнүндө талкуулашты. Мындан тышкары эл аралык жана жергиликтүү кырдаал тууралуу да пикир алышты». 2017-жылы 4-ноябрда «Reuters» кабар агенттигинин маалыматында: «Трамп Саудия падышасы менен Саудиянын эң ири «Aramco» мунай компаниясын Нью-Йоркко киргизүү жана Эр Рияд компаниясынын акциясын Нью-Йорк биржасына

коюшуна ыраазы экенин билдирди. Сауд падышасы Америка биржаларын пайдаланууну караштырарын билдирди». 2017-жылы 7-ноябрда «Reuters» агенттиги Америка ТИМинин пресс-секретары Хизер Нойерттин сөзүн басып чыкты: «Биз Саудия бийлиги жемкордукка шектелген атка минерлерди ачык айкындык менен акыйкат соттоосун жана жоопкерчиликке тартуусун колдоп-кубатоону уланта беребиз». Ушулардын баары – Америка өзүнө жакпаган, же ага малайлык кылууда шек күмөн жараткан, же британиячыл адамдарды, же Салман жана анын баласы мамлекетти америкалыктарга тез арада сатып жиберишине каршы болгон адамдарды жемкордукка шектөө менен камакка алуу кампаниясынын артында Америка тургандыгын айгинелейт.

6 – Бул – паракордукка каршы күрөшүү кампаниясы ачыктан-ачык саясат экендигин тастыктап турган нерсе. Паракордукка каршы күрөшүү комитети негизделээри менен ишин бийликтеги көрүнүктүү адамдарды камоо, алардын банктык эсептерин тоңдуруу менен баштады. Ошондой эле бул кампания падышанын жакындарын жана үй-бүлө мүчөлөрүн да камтыды... Бул нерсе паракордукка каршы күрөшүү кампаниясынын иши ачыктан-ачык саясат экендигин тастыктап турат. Мунун эч кандай паракордукка каршы күрөшүүгө алакасы жок. Болгону ал аталышы гана. Ал тургай, Салман жана анын баласы өздөрү паракордукка белчесинен батып, мамлекеттин каражатын самандай сапырып, Америкага 460 миллиард долларды белек кылышты. «Сауд Press» агенттиги ачыктаган маалыматта мындай делген: «Паракордукка каршы түзүлгөн бул комитеттин түзүлүүсүнө кээ бир өз көмөчүнө күл тарткан атка минерлер мамлекеттик каражаттарды кыянаттык менен пайдаланганы себеп болгон. Алар мамлекеттик каражаттарды улуттук ар намыска, же динге, же адеп ахлак негиздерине карабастан өздөрүнө жымырып алышкан. Алар аманат кылып берилген бийлик жана кызмат орундарын өздөрүнүн көмүскө иштерин жаап жашырууга карата иштетишкен». 4-ноябрда мына ушундай тез арада

уюштурулган паракордукка каршы күрөшүү комитети түзүлгөндүн артынан эле камоолор ишке ашырылды.

7 – 2017-жылы 5-ноябрда комитет түзүлгөндөн бир күндөн кийин эле Асир аймагынын губернаторунун орун басары Мансур бин Мукрин жана аны менен бирге болгон кээ бир жооптуу адамдар тик учактан кырсыкка учураганына байланыштуу набыт болгондугу жарыяланды. Бул окуяны тазалоо саясий оюну катары баалаган шектенүүлөр көбөйдү.

Анткени каза болгон адам Салман бийликке келээр замат шахзаадалык кызматынан алынган Мукриндин баласы болгон. Бул болсо күмөндүн күчөшүнө май чачты. Акыркы учурда комитет тарабынан кармалгандардын саны жүздөн ашып кетти. Саудиянын башкы прокурору Сауд Муъжиб мындай деди: «Паракордукка шектелип 208 адам суракка алынды. Алардын жетөөсү далилдер жетишсиздиги үчүн коё берилди. Тергөө иштеринин алдын ала берген тыянагы боюнча, ондогон жылдар бою мамлекеттик кызматтарды кыянаттык менен пайдаланып, мамлекеттик каражаттардын мыйзамсыз жымырылган суммасы 100 миллиард долларга жетиши ыктымал» («Аль хаят», 2017-жыл, 9-ноябрь). Падыша үй-бүлө мүчөлөрүн жана таасирдүү бийлик адамдардын ондогон жылдар аралыгындагы иштерин текшерүүгө ала баштады. Ошондуктан, бул иш Салмандын баласынын кырдаалын өзгөртүп жибере турган бийликте таасирге ээ адамдарды тазалоого каратылганы ачыктан-ачык көрүнүп турат. Анткени, эгер Салмандын баласы тазалоо ишин кылбаса, айрыкча ал өлкөдө коомго жана бийликке жат көрүнүштө өзгөртүүлөрдү ишке ашыра баштагандыктан, тазалоо ишин кылбаса ага каршы ыңкылап жүз бериши ыктымал. Мындан тышкары, ал үй-бүлөлүк каада-салттын негизинде шахзаада болууга укугу жок.

8 – Мына ушундайча Саудияда паракорлукка каршы аталышындагы кампания ишин баштады. Бул иштер өлкөдөгү Британия куйругун кесип салууга, ыңкылап уюштурууга аракет кылгандардын ишин жокко чыгарууга, Салман жана анын баласына каршы чыккан тараптарга каратылган. Ошондой

эле шахзаадага бийликтин өтүшүнө эч ким каршы чыкпастан коопсуз түрдө өтүүсүн камсыздоого абал жаратуу да каралган. Айрыкча, Салмандын баласы Америка кызыкчылыгына кызмат кылууда ички карама-каршылыкты жок кылууда өзүнүн жатындашы болсо да аябастан каршы күрөшүүнү мойнуна алган. Ошондой эле сырткы карама-каршылыкты жок кылуу, айрыкча Британиянын таасирин араб жазирасында калтырбастан, жалгыз Америка кызыкчылыгына кызмат кылууга белсенген. Мына ушундайча кыянатчылык бир бүтүн нерсе:

﴿وَأَنَّ اللَّهَ لَا يَهْدِي كَيْدَ الْخَائِنِينَ﴾

***«Аллах эч качан кыянатчылардын ишин оңдобойт»*** [12:52]

9 – Сөзүбүздүн акырында мусулман өлкөлөрүндөгү режимдерде жакшылыктын шооласы да жок экендиги күн өткөн сайын өз тастыгын таап жатканын айта кетели. Саудия режими болсун, же Иран режими ж.б.у.с мусулман өлкөлөрүндөгү режимдер болсун айырмасы жок, булардын баары түзүмдөрдүн ортомчулугу менен биздин байлыктарыбызды тоноо, өз көзөмүлүн орнотуу үчүн колонизатор каапырлар тарабынан таңууланган түзүмдөр. Мына ошондуктан зарыл иштердин эң зарылы колонизатор каапырларга таянган бул түзүмдөрдү шарияттын негизинде өзгөртүү болуп саналат:

﴿وَلَا تَرْكَنُوا إِلَى الَّذِينَ ظَلَمُوا فَتَمَسَّكُمُ النَّارُ وَمَا لَكُمْ مِنْ دُونِ اللَّهِ مِنْ أَوْلِيَاءَ ثُمَّ لَا تُنْصَرُونَ﴾

***«Зулумдук жолун туткан адамдарга таянбагыла, антпесе, силерге тозок оту жетет, силер үчүн Аллахтан башка бир да дос жок, кийин*** *(залимдерди ээрчип кетсеңер)* ***силерге*** *(Аллах тарабынан)* ***нусрат берилбейт»*** [11:113]

Учурдагы түзүмдөрдү шарияттын негизинде өзгөртсөк гана паракорчулуктан жана колононизатор мамлекеттердин колониясынан, паракордугунан биротоло тазаланабыз. Мейли Америка, же Британия, же бул экөөнөн башкасы болсун айырмасы жок, каапырлар Ислам жана мусулмандарга каршы күрөшүүдө бирдиктүү турат. Кимде-ким

мусулмандарга таңууланып жаткан бул илманий түзүмдү сактап калуу максатында колонизатор каапыр мамлекеттерге эргешсе, түзмө-түз же кыйыр түрдө алардын долбоорлорун ишке ашыруу үчүн алар менен союздаш болсо, анда ал чоң күнөөкөр болот.

﴿سَيُصِيبُ الَّذِينَ أَجْرَمُوا صَغَارٌ عِنْدَ اللَّهِ وَعَذَابٌ شَدِيدٌ بِمَا كَانُوا يَمْكُرُونَ﴾

***«Жакында мындай кылмышкерлерге жасап өткөн айла-амалардары себептүү Аллах алдынан кордук жана катуу азап жетет»*** [6:124]

Шарияттын негизинде гана өзгөртүү – биздин көйгөйлөрүбүздү чечет андан башкасы чече албайт. Башкача айтканда, учурдагы түзүмдөрдү кулатып, Пайгамбарлык жолундагы туура жолдогу Халифалыкты тикелөө гана биздин көйгөйлөрүбүздүн туура чечими... Ал тургай, бул ишти экиленип үмүтсүз болгондор ишке ашышын алыс санашып мүмкүн эмес дешсе да, калыс Аллах үчүн амал кылган жана акыйкатта Пайгамбар с.а.в.га туура эргешкендер Аллахтын жардамы менен алысты жакын кылышат.

﴿وَيَقُولُونَ مَتَى هُوَ قُلْ عَسَى أَنْ يَكُونَ قَرِيبًا﴾

***«Али алар: Ал*** *(күн)* ***качан болот? деп*** *(сурашат)*. ***Балким, жакында болоор, деп айткын!»*** [17:51]

Кийин Аллахтын убадасы өз тастыгын табат:

﴿وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ الْمُؤْمِنُونَ * بِنَصْرِ اللَّهِ يَنْصُرُ مَنْ يَشَاءُ وَهُوَ الْعَزِيزُ الرَّحِيمُ﴾

***«Ошол күндө момундар Аллахтын нусраты себептүү шаттанышат.*** *(Аллах)* ***Өзү каалаган кишисин үстөм кылат. Ал кудурет жана ырайым ээси»*** [30:3-4]

**2-робиул-аввал, 1439-х.**

**20-ноябрь, 2017-м.**

## Мураскер ханзада Мухаммад ибн Салмандын Британияга, Америкага жана Францияга жасаган расмий сапарлары

**Суроо:** *Саудия мураскер ханзадасы Мухаммад ибн Салман 2018-жылдын 9-10-апрель күндөрү Францияга сапар жасады. Мындан мурун 10-мартка чейин үч күндүк сапары менен Британияда болду. Андан кийин Америкага сапар жасап, ал жакта 20-марттан 8-апрелге чейин болду. Мухаммад ибн Салман бул сапарларда өлкө башчылары менен жолугушту, мындан улам суроо туулат: бул сапарлардын артында эмне турат? Жолугушууларда ар кандай маселелер каралды, андыктан сапарларда жалпы маселе кандай? Ушул жагдайларды ачыктап бериңиз, Аллах сизге жакшылыгын берсин!*

**Жооп:** бул сапарлардын ичинен Америкага болгон сапарга маани берүү керек. Анткени, Британияга болгон сапар – бул анын көңүлүн алуу сапары болду, себеби Мухаммад ибн Салман өзүнүн аракети менен Сауд Арабиядагы Британия малайларынын кызыкчылыгына зыян келтирген. Ал эми, Францияга болгон сапар – бул жөн гана өзүн көрсөтүү сапары болуп, ал үч держава мамлекетте: Америкада, Британияда жана Францияда болду деп көрсөтүү үчүн жасалды.

1. Британияга болгон сапар:

Мухаммад ибн Салмандын Британияга болгон сапары үч күнгө созулду: 7-10-март. Бул сапардын максаты Британиянын көңүлү алуу болду. Себеби, Мухаммад ибн Салман англистер Сауддар үй-бүлөсүнүн ичинде терең тамыр жайганын түшүнүп турат, ошондуктан ангистер ага тоскоолдуктарды жарата алышат. Мындан улам, Мухаммад ибн Салман бул сапарда кандайдыр бир жарашуу чүйрөсүн жаратууга умтулду, күтүлгөндөй экономикалык келишимдер түзүлдү, алардын кирешелери эки тарап үчүн анчейин деле үлкөн эмес.

Муну корутунду билдирүүлөр тастыктап турат, аларга таянып бул сапар катардагы сапарлардан айырмаланбаганын, адаттагы келишимдер жана ортоктош билдирүүлөр менен чектелгенин айтууга болот. Бул сапардагы жалгыз өзгөчөлүк – бул кээ бир экономикалык азгыруулар.

Корутунду расмий билдирүүдө ушулар жарыяланды:

а) Жалпы адаттагы жайгайлар:

● Бириккен Королдук «САК Элес-2030» долбоорун о.э. Сауд Арабия Королдугунун экономикасын диверсификация кылууга багытталган экономикалык жана социалдык реформаларды колдорун тастыктады. 7-мартта стратегиялык өнөктөштүк боюнча жыл сайын өтчү Саудия-Британия кеңешинин биринчи жыйыны өткөрүлдү. Жыйында Саудия мураскер ханзадасы Мухаммад ибн Салман менен Британия премьер-министри Тереза Мэй бирге төрагалык кылышты. Бул кеңеш эки тараптуу мамилелерди өнүктүрүү жана талкуулоо үчүн негизги механизм болушу керек. Саудия Бириккен Королдуктун билим берүү тармактарындагы: балдар бакчасынан тартып, башталгыч, орто жана жогорку билим берүү жаатындагы илимин жана тажрыйбасын жогору баалайт. О.э. Саудия Бириккен Королдуктагы кесиптик-техникалык даярдык алдыңкы тажрыйбага ээ экенин баса белгилейт. Саудия Бритнаниянын саламаттыкты сактоо тармагындагы тажрыйбасынан да жакшы кабардар. Британия Саудиядагы экономикалык реформалар планынын бир бөлүгү катары «Saudi Aramco» компаниясынын интеграциясы маанилүү экенин баса белгилейт. Саудия Лондон ири глобалдуу финансылык борбор экенин ырастады. Лондон фондулук биржасы менен Саудия фондулук биржасы (Tadawul) фондулук базарларды өнүктүрүүгө салым кошуу үчүн кадрларды даярдоо жана потенциалды күчөтүү программасы жөнүндө келишим кабыл алууга макулдашышты. О.э. Саудия менен Британия коргонуу жана коопсуздук тармагындагы мамилелер о.э. бул эки тармактын жалпы улуттук коопсуздукка жана регионалдык туруктуулукка жетүүдөгү ролу маанилүү экенин баса белгилешти. Эки өлкө маалымат алмашуу о.э. террористтер жана экстермисттер алсыз тайпаларга кантип таасир кылып жатканын түшүнүү аркылуу терроризмге жана экстремизмге каршы күрөшүүсүн билдиришти. Эки мамлекеттин өкмөттөрү кызматташтык жана өнөктөштүк тармагындагы мамилелерди өнүктүрүү

жөнүндө бир катар меморандумдарга кол коюшту. Ушул жаатта 48 даана «Eurofighter Typhoon» учактарын сатып алуу келишимине кол коюлду. Эки өлкө Иран региондо жакшы кошуначылык принцибин кармашы о.э. башка өлкөлөрдүн ички иштерине аралашпашы зарыл экенин баса белгилешти.

б) Маселени деталдуу чечпеген жалпы көрүнүштө, ачык-айкын көрсөтүлбөгөн кээ бир саясий жана коопсуздук жаатындагы маселелер жарыяланды:

● Эки өлкө төмөндөгү негизде Йемендеги кризистин саясий чечимине жетүү зарылдыгын баса белгилешти:

– Булуңдагы араб мамлекеттеринин кызматташуу кеңешинин демилгелери;

– Чечимди жүзөгө чыгаруу механизмдери;

– БУУнун Коопсуздук Кеңешинин №2216 резолюциясы.

Бул Йемендын аймактык бүтүндүгүн жана коопсуздугун камсыздайт. О.э. эки өлкө жакында дайындалган БУУнун атайын өкүлү британиялык Мартин Гриффитти колдорун билдиришти. Эки өлкө гуманитардык жардам көрсөтүү тоскоолдуксуз аткарылышы үчүн дүйнөлүк коомчулук хусийлерге басым өткөрүүсү керектигин макулдашышты. Бириккен Королдук Саудия араб коалициясынын аскерий кампаниясында эл аралык гуманитардык укукту сактап жатканын колдоп-кубаттайт. Эки өлкө араб тынчтык демилгесине жана БУУ резолюцияларына негизделген «Эки калкка эки мамлекет» чечимин колдорун ырасташты.

в) Британиянын көңүлүн алууга багытталган экономикалык маселелер:

● Сауд Арабия жана Британия «Элес-2030» концепцияларын жүзөгө чыгарууда узак мөөнөттүү өнөктөштүк боюнча милдеттенмелерди алышты. Бул концепция көптөгөн тармактарды өз ичине камтыйт:

– Саудиянын көз карандысыз фонду (Public Investment Fund) Британиядагы өз ара инвестициялык мүмкүнчүлүктөрдү баалайт;

– эки тараптуу соода.

Он жыл ичинде бул мүмкүнчүлүктөрдүн жалпы көлөмү 100 млрд. долларды түзөрү күтүлүүдө. Саудиянын көз карандысыз фонду 30 млрд. доллар көлөмүндөгү тикелей инвестицияларга багыт алган.

● Эки мамлекет сапар учурунда келишилген жана көлөмү 2 млрд. доллардан ашары күтүлгөн үлкөн сандагы ири ишкер келишимдерди колдоп-кубатташты. Бул келишимдер эки өлкөдө жумуш орундарын жаратып, Саудия менен Британиянын кызматташуусун өнүктүрөт.

Булардан ачык-айкын көрүнүп тргандай, Мухаммад ибн Салман көңүл алууга жана тынчтандырууга багытталган максатынын чегинен чыккан жок. Бул сапарда жалпы сөздөр гана айтылды, кирешеси анчейин деле көп болбогон айрым бир экономикалык убадаларды эсепке албаганда, эч бир ачык-айкындуулук жок.

2. АКШга болгон сапар:

Ким Мухаммад ибн Салмандын Америкадагы сапарын күзөткөн болсо, Америка Мухаммад ибн Салмандан итааткөй кулду көрсөтүп жатканын байкайт. Ал аны кемсинтип жатса, ал жылмайып, ал андан акча өндүрүп жатса, ал берип жатат. Муну ачыктап өтөбүз:

1) 2015-жылы 23-январда Абдуллах ибн Абдулазиз өлгөндөн кийин бийликке анын иниси Салман ибн Абдулазиз келди. Ал бийликке келери менен өзүнүн, өзүнөн кийин келе турган адамдын бийлигин бекемдөө аракетин күчөттү. Ушуга байланыштуу Салман ибн Абдулазиз так мурасынын тартибин өзгөртүп, англисчил эсептелген Мукрина ибн Абдулазизди мураскер ханзада макамынан ажыратты. Так мурасында экинчи адам болуп Мухаммад ибн Салман дайындалды. Салман ибн Абдулазиз анын баласы өз бийлгин бекемдеп алышы үчүн ага көптөгөн укуктарды берди. Мухаммад ибн Салман Америкага жан тартарын ачык көрсөтүп, Сауддар үй-бүлөсүндөгү өзүнүн атаандаштарын жана англисчил адамдарды кызматынан алды жана обочолонтту. Андан кийин Мухаммад ибн Салманды баалоо үчүн америкалыктарга керек болгон экинчи кадам ташталып, Мухаммад ибн

Салман менен таанышуу жана анын чынчылдыгын, берилгендигин аныктоо жүргүзүлдү. Дональд Трамптын инаугурациясынан кийин 2018-жылы 15-мартта Мухаммад ибн Салман Вашингтонго сапар жасады. Трамп Ак үйдө өзүнүн орун басары Майк Пенс жана улуттук коопсуздук боюнча президенттин кеңешчиси Герберт Макмастердин катышуусунда Мухаммад ибн Салманды кабыл алды. Мындай көрүнүш конок чоң мааниге ээ экенин билдирет. Трамп бул аркылуу Мухаммад ибн Салманды колдорун көрсөттү. 2017-жылдын 4-ноябрындагы үчүнчү кадам Мухаммад ибн Салмандын бийлигин бекемдөөгө каратылды, бул үчүн:

– Британия жана башка мамлекеттердин малайларынын канаты кыркылды;

– аларды Мухаммад ибн Салмандын баш ийдириштти;

– кемсинтиштти;

– коррупцияга каршы күрөшүү шылтоосу астында жүздөгөн ханзадалардын, министрлердин, чиновниктердин жана бизнесмендердин эсебин тоңдуруу аркылуу мүлктөр конфискацияланды;

– өзүнүн Америкага берилгендигин бекемдөө;

– өзүнүн Америка менен болгон мамилелерин бекемдөө;

– Сауд Арабия Королдугунун тактысына олтуруу үчүн акыркы кадамды даярдоо, муну америкалыктар жакында болорун күтүшүүдө.

Чет элдеги сапар учурунда Мухаммад ибн Салманды король катары кабыл алышты:

– Миср, 4-март 2018-жыл;

– Британия, 7-апрель 2018-жыл;

– АКШ.

Трамп Мухаммад ибн Салмандын өзгөчө макамын баса белгиледи: «Ак үйгө болгон акыркы сапарыңыздан кийин таң калычтуу нерселер жүз берди: мурун сиз мураскер ханзада элеңиз, эми сиз мураскер ханзададан да чоңуураак адамсыз» («Sputnik Arabic», 21-март, 2018-ж.).

2) 2018-жылы 20-мартта Мухаммад ибн Салман Вашингтонго барары менен эле Дональд Трамп менен жолугушту, Трамп айтат: «Саудия мураскер ханзадасын тосуп алуу мен үчүн чоң сыймык. Биздин достугубуз бекем жана мамилелерибиз абдан жакын. Мен өткөн жылы Саудияга сапар жасаганымда сиз менен жолугушкам, ошондо королдук бизге 400 млрд. доллар берүүнү убадалаган. Бул мамилелер ири инвестициялар аркылуу бекемделет». Ал минтип кошумчалады: «Саудия – абдан бай өлкө, ал жумуш орундарын жаратуу көрүнүшүндө жана дүйнөдөгү мыкты аскерий техниканы сатып алуу аркылуу ушул байлыктын бир бөлүгүн АКШга берет деп үмүттөнөм». Мухаммад ибн Салман минтип жооп берди: «Эки өлкө ортосундагы достук негиздери бекем… Байланыштар коопсуздук жана экономиканы камтыйт. Биз эки өлкө ортосундагы инвестициялык пландар үстүндө иштеп жатабыз, алар 200 млрд. долларды түзөт; а түгүл бул көлөм 400 млрд. долларга чейин жетиши мүмкүн» («CNN», 20-март, 2018-ж.).

Америка Саудияны талап-тоноп жатат, аманатка кыянатык кылган жана Умматка саткындык кылган малай акимдер аркылуу өлкө байлыктарын талап-тоноп жатат. Трамп жана америкалыктар Сауддар үй-бүлөсү аркылуу мусулман байлактарын талап-тоноону гана ойлошот. Бул үй-бүлө ушул нерселерди ачык эле айтып жатышпайбы:

– кафирлер менен дос экенин;

– алар менен союздаш экенин;

– алардын Ортоңку Чыгыштагы таасирин коргошун жана бул жааттагы алардын чыгашаларын төлөшүн;

– алардын экономикасына акчалай жардам беришин.

3) Трамп камералар алдында Америка аскерий техникаларынын сүрөтүн көрсөтүп, Саудия АКШдан эмнелерди сатып алганын айтты. О.э. ал келишимдерди жана куралдардын түрлөрүн санап, алардын баасы миллиарддаган долларга жетерин айтты: «Бул сумма силерге – жөн гана күкүмдөр… Бул келишимдер (Америкада) жаңы жумуш орундарын жаратат,

алардын саны 40 миңге жетиши күтүлүүдө» («Sputnik Arabic», 21-март, 2018-ж.). Трамп бул сүрөткө жип байлап, аны Мухаммад ибн Салмандын мойнуна илип коюшу гана калды, кудум ага минтип жаткандай:

– биздин колдообуз силердин акчаңардын көлөмүнө байланыштуу;

– Саудия жерлерин бизге ачып бер;

– биз сага буйруган бардык нерсени эч бир каршылыксыз жүзөгө чыгар.

Мындай кылык-жорук Мухаммад ибн Салман үчүн кемсинтүү болду, бирок ал муну жылмаюу менен кабыл алды, кудум келесоодой. Ал эми, Трамптын кылыгы анын акылсыздыгын жана сыйлабагандыгын көрсөтүүдө.

4) Мухаммад ибн Салман АКШга сапар жасаганда Мамдепартаменттин жана башка тармактардын көптөгөн адамдары менен жолугушту:

а) Ал АКШ коргоо министри Жеймс Мэттис, Штаб башчыларынын бирикме комитетинин төрагасы Жозеф Данфорд менен жолугушуу өткөрдү, Мухаммад ибн Салман алардын астында Америкага берилгендигин ырастады. Жолугушууда Мухаммад ибн Салман мындай деди: «Бул – эки мамлекет туш болгон биринчи чакырыктар эмес. Бүгүн региондо Иран режими тарабынан болобу, же террордук уюмдар тарабынан болобу, айырмасыз, биздин алдыбызда олуттуу чакырык турат» («alweeam.com.sa», 24-март, 2018-ж.). АКШ коргоо министри Жеймс Мэттис айтты: «О.э. биз эң кыска убакыт ичинде Йемендеги жарандык согуштун чечимин табуу үчүн аракетибизди күчөтүүбүз зарыл, бул маселеде биз силерди колдойбуз… Биз бул согушка чекит коюуга умтулуп жатабыз, жана бул – биздин максат. Биз Йемен элине жакшы шарт жаратып, бул согушка чекит коёбуз о.э. жарым аралдагы өлкөлөрдүн коопсуздук маселесин чечебиз».

Йемен меселеси – бул Америка түпкү максатына жете элек маселе. Саудия Америка максаттарын жүзөгө чыгаруудагы өзүнүн вазыйпасын аткарды, бирок оор абалга кирип калды, азыр Саудия андан чыга албай жатат. Йемен маселесинин чечилиши жана Саудиянын бул согуштан аман чыгып алышы Мухаммад ибн Салмандын аброюн бекемдейт.

б) Мухаммад ибн Салман бир катар массалык маалымат каражаттары менен жолугушуп, Америкага бекем байланганын ырастаган бир катар билдирүүлөрдү берди:

● 2018-жылы 31-мартта Мухаммад ибн Салман «Time» журналына мындай деди: «Америка күчтөрү эгер узак мөөнөткө калууну каалабай жатса, анда кеминде орто мөөнөткө калуусу зарыл деп эсептейбиз… Американын Сирияда турушу жана анын союздаштарынын жардамы – Ирандын региондогу таасирин ооздуктоонун жалгыз жолу. Америка күчтөрүнүн Сирияда турушу Вашингтонго бул өлкөнүн келечеги жөнүндөгү ой-пикирди калыптандырууга мүмкүнчүлүк берет». Мухаммад ибн Салман: «Башар калат, бирок Башар өзүнүн кызыкчылыгы үчүн ирандыктарга каалаганын кылышына жол бербеши керек деп ойлоймун», - деп кошумчалады. Трамп аны менен макул болуп, 2018-жылы 3-апрелде мындай деди: «Мен биздин күчтөрдү үйлөрүнө кайтарууну каалайм. Биздин калкыбызды калыбына келтирүүнү баштоону каалайм. Биздин негизги аракетибиз – ИШИМди жок кылуу, биз бул вазыйпаны дээрлик жүзөгө чыгарып бүттүк. Биз жакын арада чечим кабыл алабыз. Биз союздаштарыбыз менен кеңешип, Америка күчтөрүнүн Сирияда турушунун чыгашасын төлөөнү Саудияга сунуштайбыз. Саудия биздин чечимибизге абдан кызыкдар. Мен айттым: макул, биздин калуубузду кааласаңар, анда силер төлөшүңөр керек» («AFP», 3-март, 2018-ж.).

Мына ушинтип, Трамп региондогу Америка таасирин бекемдөөгө умтулуп жаткан Саудия режимине карата шантаж саясатын улантууда.

● «The Atlantic» журналы: «Яхудийлер ата-бабаларынын жеринде өзүнүн улуттук мамлекетин курууга укуктуубу?», - деп суроо бергенде Мухаммад ибн Салман минтип жооп берди: «Негизи, ар бир калк ар кандай жерде тынч мамлекетте жашоого укуктуу деп ойлоймун. Палестиналыктар жана «израилдиктер» өзүлөрүнүн жерине ээ болууга укуктуу» («alweeam.com.sa», 3-апрель, 2018-ж.).

Мухаммад ибн Салман Мубарак Палестинага карата саткындыгын жашырган жок!

● Көңүл ачуу тармагы үчүн үлкөн каражатты камтыган фонд түзүлдү. Көңүл ачуу тармагын өнүктүрүү фондунун башчысы Ахмад ибн Акил ал-Хатиб «фонд он жыл ичинде көңүл ачуу тармагына 240 млрд. риал (64 млрд. доллар) жаткырат» деп жарыялады. О.э. ал королдук түптөлгөндөн бери биринчи опера театры курула баштаганын айтты («alarabiya.net», 22-февраль, 2018-ж.).

● Мухаммад ибн Салман Вашингтонго жасаган сапарынын акыркы күнүндө «The Washington Post» гезити менен жолугушуп, ушул маселелер жөнүндө маек курду:

– Йемендеги согуш; Ортоңку Чыгыштагы тынчтык жараяны; Иран; өлкө ичиндеги реформалар; адам укуктары; пландар; Саудиянын өзөктүк курал жөнүндөгү үмүтү.

Мухаммад ибн Салман анын Америкадагы негизги вазыйпасы – америкалык инвесторлордун колдоосуна о.э. Саудиядагы реформалар үчүн технологиялык жана билим берүү жаатында колдоого жетишүү экенин билдирди. Ал аялдардын укугун сактоого байланыштуу аракеттер жөнүндө айтты. Мунун баары Мухаммад ибн Салман алдында Ортоңку Чыгыш регионунун бардык пландары ачылганын, ал бардык жараяндарга катышып жатканын, ал тургай, ал Америка пландарын жүзөгө чыгаруунун бардык ыкмаларын билерин, Йемен маселесин кошпогондо, америкалыктарды жалтактап колдоп жатканын көрсөтүп турат. Йеменде Трамптын Ортоңку Чыгышка карата өзүнүн пландары бар жана Палестина маселесине карата өзүнүн саясий чечими бар. Бул нерсе Трамп жакынкы айларда өзүнүн пландары жөнүндө айтарын жарыялагандан кийин ачык-айкын болуп калды. Бул сыяктуу билдирүүлөр 2018-жылы 6-декабрда Куддус «Израилдин» борбору деп жарыялангандан кийин айтылды. Мухаммад ибн Салман «Израилди» эмес, Иранды душман санап Иран маселесин көтөрдү.

Түпкүлүгүндө Саудия «Израиль» менен келишим түзүүгө даярданууда. Саудиянын ички саясаты өлкөнү илманийлештирүүнү, Батыш маданиятын жана баалуулуктарын жаюуну көздөгөн Америка каалоосуна ылайык алып барылууда. О.э. Саудия өкмөтү америкалык инвесторлорго өлкөнүн экономикасын толук көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк беришүүдө.

● 2018-жылы 29-мартта «arabi21.com» сайты «Independent» гезитине шилтеме жасап, гезит мураскер ханзада Мухаммад ибн Салман ири компаниялардын башчылары, саясатчылар, мунайчылар, технология, көңүл ачуу жана искусство тармагынын адистери менен жолугушканда анын программасы менен таанышканын кабарлады.

Мындан ачык-айкын көрүнүп тургандай, Мухаммад ибн Салмандын бардык жолугушуулары Америка коомдук пикири менен байланыш орнотууга багытталган. Ал «CBS» студиясында «60 мүнөт» көрсөтүүсүндө интервью берди. Баса белгилөө зарыл, бул акыркы он жылдыкта Саудия лидерлеринен алынган биринчи интервью. Бул интервьюда Мухаммад ибн Салман өзүн Саудияда зарыл болгон өзгөрүүлөрдү жасап жаткан кайраттуу, жаш реформатор катары көрсөттү. Бул реформалар диний полициянын ыйгарым укуктарын чектөөнү, аялдарга унаа башкарууга уруксат берүүнү камтыйт… О.э. «Independent» гезити 2018-жылы 27-мартта Мухаммад ибн Салман мурунку мамлекеттик ишмерлер: Генри Киссинжер, Билл Клинтон, Хиллари Клинтон жана башкалар менен жолугушканын маалымдады. О.э. мурунку президент Барак Обама, мурунку мамкатчы Жон Керри жана БРБнун (ЦРУ) мурунку башчысы Дэвид Петреус менен жолугушуу өткөрүлгөнү жарыяланды.

● Кошоматчылык. Мухаммад ибн Салман АКШдан Францияга сапар тартарда, Америкага бүтүндөй берилгендигин көрсөткөн кайрылуусун айтты: «Улуу даражалуу президент Дональд Трамп, АКШ президенти, сизге жакшылык каалайм! Мен жакшы маанайда достук мамиледеги өлкөңүздөн чыгып бара жатам, улуу даражалуу, жылуу тосуп алганыңызга жана

меймандостугуңузга чоң ыраазычылыгымды билдиремин. Бул мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, өлкөлөрүбүз ортосундагы тарыхий жана стратегиялык мамилелерибизге чоң маани беремин. Сапар учурунда болуп өткөн сүйлөшүүлөр бул мамилелерди тереңдетүүгө, ортобуздагы кызматташууну бекемдөөгө жана күчөтүүгө салым кошот деп баса белгилеп өтпөсөм болбойт. Улуу жаражалуу, сизге ден соолук, бакыт тилеймин, ал эми, АКШнын дос элине өнүгүү жана өркүндөө каалаймын!».

Бул сапар жөнүндөгү сөздү жыйынтыктап ушуну айтамын, ким Мухаммад ибн Салмандын Америкадагы сапарын күзөткөн болсо, Америка Мухаммад ибн Салмандан итааткөй кулду көрсөтүп жатканын байкайт. Ал аны кемсинтип жатса, ал жылмайып, ал андан акча өндүрүп жатса, ал берип жатат.

3. Франция болгон сапар:

1) Францияга болгон сапар – бул жөн гана өзүн көрсөтүү сапары болуп, Мухаммад ибн Салман үч держава мамлекетте: Америкада, Британияда жана Францияда болду деп көрсөтүү үчүн жасалды. Бул сапар чоң мааниге ээ болбогондуктан адатта эл аралык сапарларда камтылган дипломатиялык иш-чаралар болгон жок. Мисалы, Франция премьер-министри канцеляриясынын кызматкери Саудия мураскер ханзадасы дүйшөмбү күнгө белгиленген жаңы техногиялык компаниялардын чоң комплексине катышууну бекер кылганын билдирди. Бул технология тармагында Франция-Саудия мамилелеринин бекемдигин баса белгилөөгө багытталган болчу. Парижде чыкчу «La Tribune» гезити маалымдашынча, Эммануэль Макрондун кыжырынан улам Мухаммад ибн Салмандын «Station F» стартап хабына жасай турган сапары бекер кылынышы мүмкүн. Себеби, өткөн аптада Мухаммад ибн Салман АКШнын Силикон өрөөнүндө технологиялык ири компанияларга барган, андан кийин Мухаммад ибн Салман стартап хабга баруу үчүн шарттарды койгон, бул нерсе Макронду аябай ачууланТты. 2018-жылы 9-апрелде «Arabworld» сайты ушуларды маалымдады: «Парижде чыкчу «La Tribune»

гезити жарыялашынча, Мухаммад ибн Салман королдук менен коммерциялык келишимдерди түзүү үчүн француз компанияларына шарт койгону Франция президенти Эммануэль Макронду кыжырдантты. Гезит маалымдашынча «Мухаммад ибн Салман Макронго француз компаниялары америкалык компаниялар сыяктуу королдук менен келишим түзүүдө жеңип чыгышы мүмкүндүгүн, бирок бул үчүн Франция Иран менен соода алакаларын токтотушу шарт экенин түшүндүрдү». Дал ушул нерсе Макрондун кыжырын келтирди».

2) Натыйжада стратегиялык кызматташтык деп жарыяланган нерсеге кол коюлбай, 2018-жылдын аягына чейин калтырылды. Эл аралык саясаттагы өзгөрүүлөр өтө бат болору белгилүү, ошондуктан келишим түзүү жөнүндөгү убадалар көп учурларда аткарылбайт, өзгөчө, эгер узакка созулуулар болсо. Франция президентине жакын булактар журналисттерге маалымдашынча, Макрон менен Мухаммад ибн Салман «ушул жылдын аягында даяр боло турган стратегиялык документти даярдоо үстүндө иш алып барышат. Бул документ келишимдерди түзүүгө алып келиши керек, бул үчүн Макрон жылдын аягында Сауд Арабияга сапар жасайт» («albayan.ae», 10-апрель, 2018-ж.). «Президент жана мураскер ханзада стратегиялык документ үстүндө иштешет, документ ушул жылдын аягында даяр болот. Андан кийин келишимдер түзүлөт: бул үчүн Макрон ушул жылдын аягына чейин Сауд Арабиягы сапар жасайт» («alarabiya.net», 9-апрель, 2018-ж.). «France 24» телеканалы дал ушундай кабар таратты.

3) Бул кабарлардан бөлөк, Франция президенти бул жөнүндө үмүт билдирип, натыйжалуу келишимдер түзүлүшү үчүн протоколдор жөнүндө сүйлөшүүлөр жана талкуулар өткөрүү зарыл экенин айтты:

Франция президенти мындай билдирүү берди: «Жаңы кызматташтык учурдагы келишимдерден көрө – өзгөчө санариптик технологиялар жана энергиянын жаңыланма булактары тармагында – келечектеги инвестицияларга чоң көңүл бөлөт деп үмүттөнөбүз» («AFP», 5-апрель, 2018-

ж.). «Мухаммад ибн Салмандын сапары бир нече тармакта 12 чакты протоколдук келишимдерге кол коюу менен аяктары күтүлүүдө. Париж Саудиянын түндүк-батышында жайгашкан Мадаин-Салих комплексин тейлөөдө, саламаттык, энергетика, тарснпорт жана башка тармактарда Эр-Риядга жардам берет. Мадаин-Салих комплекси ЮНЕСКОнун дүйнөлүк мурастар тизмесине киргизилген» («AFP», 8-апрель, 2018-ж.).

4) Сапар учурунда маанилүү экономикалык келишимдер түзүлгөн жок, сапар эки күнгө гана созулду, бул жагдай Елисей сарайындагыларды оңтойсуз абалга салды. «Елисей сарайы мураскер ханзада АКШда үч аптада болуп, ал эми Францияда кыска убакыт гана болгонуна жооп берип, Франция Саудия мураскер ханзадасынын биринчи чет элдик сапарларынын катарына киргенин алкыштоо менен чектелди» («France 24»/«AFP», 8-апрель, 2018-ж.).

5) Бул сапарды актоо мүмкүн эмес, себеби бул сапарда Мухаммад ибн Салмандын нафсине ылайык келген келишимдер түзүлдү. Мусулмандардын эки ыйык мечити жайгашкан жерде улуттук оркестр жана опера театрын түзүү жөнүндө келишимге кол коюлду. Франция маданият министри Франсуаз Ниссен оркестр жана опера театрын түзүүдө Париж Эр-Риядга жардам берерин билдирди. О.э. ал маданият жана маалымат министри Аввад Алаввад менен кеишимге кол койгондон кийин минтип кошумчалады: «Бүгүн Сауд Арабия өзүнүн опера теартын түзүүгө жардам берүү жөнүндө Париждин опера театры менен келишим түзүлдү». 2018-жылы 9-апрелде «Arabworld» сайты «© REUTERS/ POOL» агенттигинен цитата келтирип ушуларды маалымдады: «Бул келишимге кол коюлардан мурун Мухаммад ибн Салман жекшемби күнү Пасханын бүтүшүнө багышталган музыка концертинде болду: «Мураскер ханзада Мухаммад ибн Салман классикалык авторлордун: Клод Дебюсстун, Роберт Шумандын, Феликс Мендельсондун музыкасынан ырахат алуу үчүн жекшемби күнү (8-апрель, 2018-ж.) АКШдан келип Пасханын бүтүшүнө багышталган концертке катышты. Коцерт

Марселден алыс эмес жайгашкан Экс-ан-Прованс шаарында өттү» («AFP», 8-апрель, 2018-ж.).

6) Мына ушинтип, сапардын максаты келишимдер эмес, опера театры болгон, Аллахым андан сактасын! Бул нерсе дүйшөмбү күнү кечкурун (10-апрель, 2018-ж.) жыйынтыктоочу басма сөз жыйынында ачык-айкын көрүнүп турду. Басма сөз жыйынында протокол жана келишимдерди түзүүдө опера театрын түзүү жөнүндөгү келишимдегидей толук түшүнүү болгон жок деп баса белгиленди! 2018-жылы 11-апрелде «aljazeera.net» сайты ушуларды жарыялады: «Саудия мураскер ханзадасы Мухаммад ибн Салман Франция менен Саудия компаниялары ортосунда көлөмү 18 млрд. доллардан ашкан 19 протоколго кол коюу менен Францияга болгон сапарын аяктады. Келишимдер мунай-химия, суу тазалоо сыяктуу өнөр жай тармагын, туризм, саламаттыкты сактоо, айыл чарба жана башка тармактарды камтыйт. Келишимдердин арасында маанилүүсү – «Saudi Aramco» компаниясы француз компаниялары менен 12 млрд. доллардан ашкан келишимге кол койгонун жарыялаганы болду. Ал компаниялардын катарына Ал-Жубайлдагы мунай-химия тилкесин биргелешип иштетүүнү көздөгөн «Total», «Technip», «Suez» комапиялары бар. Француз тобу дүйнөдө эң ири мунайды кайра иштетүүчү заводдорго ээ». 2018-жылы 11-апрелде «AFP» мындай кабар таратты: «Саудия мураскер ханзадасы Мухаммад ибн Салман Франция менен Саудия компаниялары ортосунда көлөмү 18 млрд. доллардан ашкан 19 протоколго кол коюу менен Францияга болгон сапарын аяктады. Келишимдер мунай-химия, суу тазалоо сыяктуу өнөр жай тармагын, туризм, саламаттыкты сактоо, айыл чарба жана башка тармактарды камтыйт. Бул эки өлкөнүн жумуш берүүчүлөрүнүн өкүлдөрү катышкан Франция-Саудия бизнес-форумунун билдирүүсүндө ачыкталган». Басма сөз жыйынында Макрон менен Мухаммад ибн Салман Иран, өзөктүк келишим, Сирия, Йемен жана башка маселелер жөнүндө сүйлөштү, бул маселелер боюнча конкреттүү чечимдерди айтышкан жок.

4. Корутунду:

Мухаммад ибн Салмандын башкы сапары – АКШ болду. Англияга болгон сапар – бул анын көңүлүн алуу сапары болду, себеби Мухаммад ибн Салман өзүнүн аракети менен Сауд Арабиядагы Британия малайларынын кызыкчылыгына зыян келтирген. Ал эми, Францияга болгон сапар – бул жөн гана өзүн көрсөтүү сапары болуп, ал үч держава мамлекетте: Америкада, Британияда жана Францияда болду деп көрсөтүү үчүн жасалды.

**14-Ражаб, 1439-х.**

**11-апрель, 2018-ж.**

**Ибн Салман жана яхудийлер менен нормалдашуу**

**Суроо:** ***“BBC News Arabic” өзүнүн веб-сайтында 2023-жылдын 21-сентябрында: “Саудиянын мураскер ханзаадасы шаршемби күнү үзүндүлөрү берилген америкалык “Fox News” телеканалына берген маегинде (Израиль) менен нормалдашуу жолунда "прогресс" жүрүп жатканын жарыялады. Ал: "Биз күн сайын (Израиль) менен мамилени нормалдаштырууга жакындап жатабыз", -деди. Ал дагы кошумчалап: "Президент Байден администрациясынын бул чекке жетүү үчүн колдоосу бар...", - деди. Яхудий делегациясы Сауд Арабияга ачык визит жасады: “(Израиль) бийлиги Бириккен Улуттар Уюмунун билим, илим жана маданият боюнча уюмунун (ЮНЕСКО) Эр-Рияддагы жыйынына катышуу үчүн Сауд Арабияда өкмөттүк делегациянын болушуна кубанычтуу экендигин билдирди. Бул, эки өлкөнүн ортосундагы нормалдашуу жолунда биринчи кадам деп эсептептеди”. (“Франс 24”, 09.11.2023). Сауд Арабия арабдардын чыккынчылык келишимдерине баш ийип, яхудий вужуду менен мамиле түзүүнү көздөп жатабы?***

**Жооп:** Жооп ачык болушу үчүн биз төмөнкү маселелерди карап чыгабыз:

Биринчиси: кабарларга ылайык, нормалдашуу процессинин тараптары яхудий вужуду, Сауд Арабия жана Америка болгон үч тарапка байланыштуу фактылар бар:

1- Яхудий вужудунун араб жана ислам аймагындагы кайсы бир өлкө менен нормалдашуусу яхудий вужудунун бар экендигин тастыктоо жана алардын каалоолоруна ылайык "түбөлүк" калуу үчүн чоң жетишкендик катары эсептелет. Ошондуктан, яхудий вужудунун бардык өкмөттөрү Ислам өлкөлөрүнө, өзгөчө араб өлкөлөрүнө кире ала турган кандайдыр бир жылчык табуу үчүн жарышууда.

2- Сауд Арабия яхудийлердин бүт Палестинаны бошотуу үчүн күрөшүп жатканын көрбөгөн аймактагы режимдердин бири экенин эске алганда, Сауд Арабия режими бир канча убакыттан бери яхудий вужуду менен кээ бир байланыштарды кылып келет, бирок жашыруун. Ошондуктан, Сауд Арабия негизи яхудий вужуду менен алака түзүүгө каршы эмес. Анын мурунку король Абдулла бин Абдулазиз 2002-жылы "Араб чыккынчылык демилгесин" баштаган жана Сауд Арабия аны карманганын ар дайым жарыялап келет.

3- Америка тараптан болсо, бардык Америка админстрициясы яхудий вужудун турукташтыруу, аймакка интеграциялоо жана анын аймакка жаттыгын жоюу үчүн яхудийлер менен араб кошуналары ортосунда ондогон жылдар бою «тынчтык» үчүн аракет кылып келе жатышат. Бул иште Америкалык эки партия (Демократия жана Республика) келишпестикке барышпайт.

Экинчиден: нормалдашуучу үч тараптын нормалдашуусу мүмкүн болгон бул негизге карабастан, бул маселе олуттуу саясий татаалдыктар менен коштолгон:

1- Нетаньяху 2015-жылы Иран менен түзүлгөн өзөктүк келишимге ачык каршы чыгып, ага каршы АКШ Конгрессин шыкактоо аркылуу АКШнын ошол кездеги президенти Обаманын Ирандын өзөктүк маселеси

боюнча саясатына каршы чыкты. Бул яхудийлердин Америка Демократиялык партиясы менен болгон мамилесинин бузулушуна алып келди. Президент Трамп жана анын Республикалык администрациясы 2017-жылдын башында Вашингтондо бийликке келгенде яхудий вужуду менен Вашингтондогу Республикалык администрациянын мамилеси кызуу күчөп, Америка администрациясы Куддусту яхудий вужудунун борбору катары таанып, Америка элчилигин ал жакка көчүргөн. Ошондой эле, яхудий вужудунун Голан дөңсөөлөрүн аннексиялоосун тааныган. 2021-жылдын башында Байден жетектеген жаңы демократиялык администрация бийликке кайтып келгенде Тель-Авив менен Вашингтондун мамилеси кайрадан салкындаган. Балким, Байдендин администрациясы жакында мамилени кайрадан жөнгө салганга чейин Нетаньяхуну Ак үйдө кабыл алуудан баш тартты. Нетаньяхунун шайлоо алдындагы убадаларынын арасында Сауд Арабия менен нормалдашуу да болгон. Жакында эле Нетаньяху менен Бин Салмандын ортосунда чыныгы байланыштар бар экени белгилүү болду. “(Израилдин) “Jerusalem Post” гезитинин 2023-жыл 22-майда чыккан санында айтылат: (Израилдин) премьер-министри Нетаньяху Саудиянын мураскер ханзаадасы менен акыркы жумаларда эки жолу телефон аркылуу сүйлөштү... Эр-Рияд Палестина маселесине байланыштуу (Израилге) талаптардын тизмесин берди...”. (“Arab Post”, 23.05.2023).

2- Трамп администрациясы Американын малайы Мухаммад бин Наифти Сауд Арабиядагы бийликтен кетирип, бийликти башка малай Мухаммад бин Салманга өткөрүп бергенден кийин Бин Салман жетектеген учурдагы Саудия режими Американын колуна эң баш ийген өкмөт катары болуп калды. Бул 2017-жылдын орто ченинде, башкача айтканда, Республикачыл Трамптын администрациясы Вашингтондо бийликти колго алгандан алты ай өткөндөн кийин болгон. Ошондуктан, Бин Салмандын режими Америкага абдан баш ийүүдө. Бирок, бул берилгендик биринчи кезекте республикачыларга жана Трамп жамаатына тиешелүү. Ушуга

ылайык, Бин Салман режими Америкадагы Трамп тобунун көмүскө кубаттоосу менен Байденге далысын салды. Байдендин администрациясы да ушундай кылды, анткени Байден Хашоггинин өлтүрүлүшү себебтүү Бин Салман менен кол алышпай турганын жарыялады.

3- Байдендин администрациясы Америкада 2021-жылы бүтүндөй Америкадагы саясий жашоого коркунуч келтирген, дагы деле коркунуч туудуруп жаткан америкалык бөлүнүүчүлүктүн фонунда бийликке келди. Эки карама-каршы тарап (Демократия жана Республика партиялары) эл аралык аренада жолдоочуларын жана малайларын бөлүп, Американын ички конфликтинде башка тарапка каршы бир тараптын кызыкчылыгы үчүн аларды колдонуу сыяктуу, алардын ортосундагы кеңири ички жана тышкы чыр-чатактар аренасына киришти. 2022-жылдагы Конгресске шайлоодо Америкадагы демократтарга сокку уруу үчүн Сауд Арабия Орусия менен мунай өндүрүүнү азайтканы тууралуу айтылган. Нетаньяху бийликке кайтып келгенден кийин яхудий вужуду Американын Иран менен өзөктүк келишимге кайтып келишине каршы чыккан катуу билдирүүлөрдү берди. Бул Республикалык партия менен Трамп тобунун кайра бийликке кайтып келүүсү үчүн пайда көрө турган нерселери. Ошондуктан, Байдендин администрациясы 2022-жылдын аягында Нетаньяху бийликке кайтып келгенден кийин Саудиянын яхудий вужуду менен нормалдашуусунун жиптери анын көзөмөлүнөн чыгып калганын түшүндү...

Үчүнчүсү: Американын демократиячыл админстрициясы Сауд Арабия менен болгон мамилесин кайра карап чыгып, ага жылуу мамилесин жандандыра баштады. Ошондой эле, яхудий вужуду ичиндеги байланыштарды бекемдеди, бирок күчтүү позициядан. Мунун баары Сауд Арабия менен яхудий вужудунун ортосундагы нормалдашуу жиптерин республикачылардын колунан тартып алуу максатын көздөйт:

1- Мухаммад бин Салмандын өкмөтү Байден администрациясынын 2022-жылы мунай өндүрүүнү кыскартууну бир айга артка калтыруу өтүнүчүн

четке каккандан кийин Байдендин администрациясы Трамп тобу менен Сауд Арабиянын ортосундагы мамиленин тереңдигин түшүндү, ошондуктан, дароо Сауд Арабияны сындаганын басаңдата баштады. Америкадагы республикачылар президент Байден Ибн Салман менен кол алышпоо талабына бекем туруп, аны менен муштум менен учурашуусун жана аны менен жеке жолугушуудан баш тартып, тескерисинче, Сауд Арабиянын королу Салман жетектеген делегация менен жолуккандыгын шылдыңга алышты, күйүүчү майдын кымбатташына Байдендин саясаты жооптуу деп эсептешти.

2- АКШнын Улуттук коопсуздук боюнча кеңешчиси Жейк Салливан Сауд Арабияга барып, Сауд Арабиянын мураскер ханзаадасы Мухаммад бин Салман менен жылуу жолугушуу өткөрдү. Американын Сауд Арабиянын иштерине кийлигишүүсүн басаңдаткандан кийинки жаңы этабы башталды. Бул Судандан америкалыктарды эвакуациялаганы, Йемендеги окуялар боюнча аны менен кеңешкени жана Америка саясатында чоң роль ойногону жана Индияны дүйнө менен байланыштыруу ролун бергени үчүн Саудияга карата ыраазычылык билдирүү менен көрсөтүлдү... ("Франс 24", 05.08.2023).

3- Блинкендин Сауд Арабияга сапары: АКШнын мамлекеттик катчысы Блинкен эки стратегиялык өнөктөш болгон эки өлкөнүн координациясын жана өнөктөштүгүн баса белгиледи. Конференциянын жүрүшүндө эки министр Сириянын Араб Лигасына кайтып келишин, Судан кризисин жана (Израиль) менен нормалдашуу файлын талкуулашты... ("Франс 24", 06.09.2023).

4- Иран-Сауд Арабия чыңалуусун жоюу. Бул тууралуу 2023-жылдын 1-апрелиндеги (Сауд Арабия-Иран консенсусу) суроо-жоопто кеңири айтылган. Сауд Арабия бул келишим анын режиминин туруктуулугу үчүн чоң мааниге ээ экенин билет. Америка бул келишим Кытайдын Сауд Арабия менен Иранды ымалаштыруу иштерине ылайык деп билдирди. Ошондой эле, 2023-жылдын 5-сентябрында Судан армиясы менен Ыкчам колдоо күчтөрү

ортосундагы Жиддадагы элдешүү сүйлөшүүлөрүндө Сауд Арабияны катыштыруу аркылуу анын статусун көтөрдү.

5- 2023-жылдын 9-сентябрында Индияда өткөрүлгөн Чоң жыйырмалыктын саммитинде Сауд Арабия Байден системасынын негизги элементи болгондуктан, Индиядан чыгыштан батышка жүк ташуу линияларын Европага жеткирүүчү ортолук кургактык байланышы катары көрсөтүлдү. Бул кургактык коридору Индияны Сауд Арабия жана яхудий вужуду аркылуу Европа менен байланыштырат. Сауд Арабия Индия менен 100 миллиард долларга жакын инвестиция тартууну макулдашты. (“Al Jazeera Net”, 09.11.2023). Мунун баары Ибн Салман Республикачылар менен мамилесин үзбөсө дагы, Демократиялык башкаруу турган болсо да, Байден администрациясынын саясаттарына барган сайын аралашып бара жатканын көрсөтүп турат!

6- Байден админстрициясы Ибн Салман режими яхудий вужуду менен нормалдашуу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүсүн сүйлөшүп жатканын айтты. Бул аркылуу Байден админстрициясы Саудия менен яхудий вужудунун ортосундагы тынчтык келишимин өзүнө таандык кылгысы келет. Америкадагы шайлоодо Республикалык партия менен Трамп тобун андан пайдалантпай, ал андан пайда көрөт. Башкача айтканда, Байден админстрициясы республикачылар жана Трамп тобуна карата мүмкүн болгон жоготууларын өз колундагы күч чекитине айландырат. Бул яхудий лоббисин Трамп менен республикачылардан алыстатуу үчүн колдонулушу керек, өзгөчө алдыдагы шайлоолордо.

7- Байдендин администрациясы Нетаньяху өкмөтү Сауд Арабия менен тынчтык келишимине жетиши үчүн шилекейин агызып жатат: Американын (Израилдеги) элчиси Томас Нидес Америка Кошмо Штаттары (Израиль) менен Сауд Арабиянын ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу үчүн аракет кылып жатканын ачыктады. Америкалык эки аткаминер америкалык “Axios” сайтына Ак үй президент Жо Байден президенттик шайлоо өнөктүгү менен

алек боло электе, жакынкы алты-жети ай ичинде Эр-Рияд менен Тель-Авивдин ортосунда келишим түзүүнү каалайт деп билдирди. (“Arabi Post”, 23.05.2023). Яхудий маалымат каражаттары да (Израиль) тышкы иштер министринин: “(Израиль) Сауд Арабия менен тынчтык келишимине жетишүүгө болуп көрбөгөндөй жакын”, - деп айтканын келтирди. (“BBC”, 22.08.2023).

8- Бирок, экинчи жактан Нетаньяху Байдендин администрациясы Сауд Арабия менен мамилени нормалдаштыруу маселесин тыкыр көзөмөлдөй баштаганын да билет. Бул багыттагы кадамды Байдендин администрациясы гана жасай аларын да түшүнөт. Ошондуктан, Нетаньяху 2023-жылдын 17-августунда Вашингтонго анын эң ишенимдүү министри башында турган делегациясын жөнөттү. Яхудий вужудунун стратегиялык иштер министри Рон Дермер Саудия документине түздөн-түз тиешеси бар америкалык аткаминерлер менен сүйлөштү, атап айтканда, Ак үйдүн улуттук коопсуздук боюнча кеңешчиси Жейк Салливан, АКШ президентинин Жакынкы Чыгыш боюнча биринчи кеңешчиси Бретт Макгурк жана президенттин энергетика боюнча улук кеңешчиси Амос Хокштейн, (Израиль) менен Королдуктун ортосундагы дипломатиялык аракеттерди жөнгө салууга багытталган үч америкалык аткаминер. (“BBC”, 22.08.2023). Ушундайча, Нетаньяху Сауд Арабия менен мамилени жөнгө салуу өтүнүчү менен Байденге кайрылды.

9- Ошентип акырында, 2023-жылы 20-сентябрда суроодо айтылган Ибн Салмандын билдирүүсү болду: “BBC News Arabic” өзүнүн веб-сайтында 2023-жылдын 21-сентябрында: Саудиянын мураскер ханзаадасы шаршемби күнү үзүндүлөрү берилген америкалык “Fox News” телеканалына берген маегинде (Израиль) менен нормалдашуу жолунда "прогресс" жүрүп жатканын жарыялады. Ал: "Биз күн сайын (Израиль) менен мамилени нормалдаштырууга жакындап жатабыз", - деди. Ал дагы кошумчалап: "Президент Байден администрациясынын бул чекке жетүү үчүн колдоосу бар... Биз үчүн Палестина маселеси абдан маанилүү. Биз бул бөлүгүн

чечишибиз керек жана азырынча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатабыз. Биз анын кайда барарын көрүшүбүз керек. Палестиналыктардын жашоосу жеңил болгон жана (Израиль) Жакынкы Чыгышка интеграцияланган жерге жетет деп үмүттөнөбүз”, - деди. Өз кезегинде, (Израилдин) тышкы иштер министри Эли Коэн бейшемби күнү (Израиль) менен Сауд Арабиянын ортосундагы мамилелерди орнотуу боюнча АКШнын ортомчулугу менен алкактык келишим келерки жылдын башына чейин түзүлүшү мүмкүн экенин билдирди...

Төртүнчүсү: булардын бардыгынан көрүнүп тургандай, Сауд Арабиянын де-факто башкаруучусу Ибн Салмандын өз иштерине көп көзөмөлү жок. Ал – аны Эр-Риядда бийликке алып келген республикачылар менен алардын демократиялык атаандаштарынын ортосундагы куурчак. Ал Саудиянын кызыкчылык үчүн эмес, булардын же тигилердин каалоолоруна жооп берет. Тескерисинче, араб жана мусулман акимдери кожоюндарына кызмат кылууда чек билбеген чыккынчылык жана кыянатчылык кылышты. Мусулман өлкөлөрүндөгү акимдер Палестина жана анын айланасы куттуу жер экенин унутуп коюшту.

﴿سُبْحَانَ الَّذِي أَسْرَى بِعَبْدِهِ لَيْلاً مِنَ الْمَسْجِدِ الْحَرَامِ إِلَى الْمَسْجِدِ الْأَقْصَى الَّذِي بَارَكْنَا حَوْلَهُ﴾

«Түнкүсүн Өз кулун Масжидил Харамдан Биз айланасын берекелүү кылган Акса мечитине алып барган аруу Зат». [Исро:1]

Палестинаны яхудийлерге нормалдаштыруу, моюн сунуу жана кулчулуктун алтын табагында тартуулоо үчүн эмес, аны яхудийлердин ыпластыгынан тазалоо жана азат кылуу үчүн мусулман армияларын аракетке келтирүү важиб! Кандай болгон күндө да Палестина Хиддаяттуу Халифаттын жетекчилигиндеги чыныгы мусулман кошуундарынын кылычтары астында кандай таза жана берекелүү болсо, ошол бойдон кайтып келет. Яхудийлердин тобу жана алардын жардамчылары жеңилип, артка качышат. Алардын жашырынганын ачып бере турган таштын артына жашырынгычакты алардын жүрөгү коркунуч каптайт.

وصدق رسول الله ﷺ: «لَتُقَاتِلُنَّ الْيَهُودَ فَلَتَقْتُلُنَّهُمْ حَتَّى يَقُولَ الْحَجَرُ يَا مُسْلِمُ هَذَا يَهُودِيٌّ فَتَعَالَ فَاقْتُلْهُ» وفي رواية أخرى «هَذَا يَهُودِيٌّ وَرَائِي» «

Алланын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, акыйкатты айтты: «Силер яхудийлер менен согушасыңар. Таш: “Эй мусулман, бул яхудий, кел, аны өлтүр”, - дегенге чейин аларды өлтүрөсүңөр». Башка риваятта: «Бул менин артымдагы яхудий» деп келген. Ушул эле риваят менен Муслим Ибн Умардан риваят кылган. Балким, Кудай буюрса, буга аз калды.

﴿وَيَقُولُونَ مَتَى هُوَ قُلْ عَسَى أَنْ يَكُونَ قَرِيباً﴾

«Алар: «Качан?» дешет: «Балким, ага аз калды деп айт». [Исро:51]

Ошондо яхудийлер менен мамилесин оңдоп, нормалдашууга барып кылмыш кылгандарга уят жана оор азаптан башка эч нерсе болбойт.

﴿سَيُصِيبُ الَّذِينَ أَجْرَمُوا صَغَارٌ عِنْدَ اللهِ وَعَذَابٌ شَدِيدٌ بِمَا كَانُوا يَمْكُرُونَ﴾.

«Кылмыш кылгандар Аллахтын алдында кордукка жана катуу азапка туш болушат». [Анъам:124]

**10-робиул аввал, 1445-х.**

**25-сентябрь, 2023-ж.**

## Сербия тууралуу берилген суроого жооп

**Суроо:** *Американын Косоводо алып барып жаткан иштеринен аны Сербиядан бөлүп жиберүүнү каалап жатканы көрүнүп турат. Сыртынан караганда Косоводогу мусулмандардын кызыкчылыгы үчүн болгон бул ишти кылууга Американы эмне мажбур кылды? Себеби, Косовону Сербиядан бөлүү – сербдердин мусулмандардын башына салып жаткан үрөй учурган катуу басымын, кыргынын жана зулумун токтотуу болот го?*

**Жооп:** Сербия Балканда маанилүү орунду ээлейт. Аны менен Россия ортосунда традициялуу, маданий жана диний (православдык) байланыш бар. Ал бүгүнкү күндө (айрыкча, Югославия майдалангандан кийин Сербия анда негизги орунду ээлеп, анын борбору Белград Югославиянын борбору болчу) Россияга көбүрөөк байланып, анын Балкандагы негизги шериктешине айланып калды. Ал Россиянын таасири менен Европа союзунан алысташууда

жана ушуну менен бирге, Америка Балкан (Чыгыш Европа) мамлекеттеринин арасында өз таасири астындагы мамлекеттер болушуна эле эмес, балким, бул жерди Россиянын быкынына сокку берүүчү күчтүн борборуна айлантууга умтулуп жаткан бир убакта, ал Американын Балкандагы саясатына каршы аракет кылууда.

Ошондуктан, Американын биринчи кадамдары Сербия курамында турган Черногорияны бөлүп таштоо болду. Ал буга жетишти. Америка Черногорияны Сербиядан бөлүп, анын эгемендүү болуу аракеттерине жардам берди.

Азыр Америка Косовону Сербиядан бөлүп таштоо алдында турат. Бул нерсе анын мусулмандарды жакшы көргөндүгүнөн эмес, тескерисинче, Сербияны күчсүздөндүрүү үчүн болот. Кийин болсо Россия таасири астында турган Сербия тарабынан боло турган тосуктарды жок кылып, өзүнүн пландарын ишке ашыруу үчүн Балкандагы Россиянын акыркы алака аркандарын үзүп таштоого урунат.

Төмөнкүлөр бул нерсени дагы да айкындаштырат:

а) Америка Косовону азат кылуу армиясын (KLI) даярдап, аны куралдандырды.

б) НАТОну иш жүзүндө (анын түзүлүш мыйзамына ылайык) Америка башкаргандыгы себептүү, мындан сегиз жыл мурун аны аракеттендирип, Сербияга чабуул кылды, натыйжада, аны Косоводон чыгарып жиберүүгө жетишти. О.э. 1999-жылы Косовонун БУУнун башкаруусунда болушу жөнүндөгү Коопсуздук кеңешинин 1244-номерлүү токтомун да чыгартып алууга жетишти.

в) 1244-номерлүү токтом эгемендүүлүктү биротоло чече албас эле. Ошондуктан, Коопсуздук кеңеши 2007-жылы 3-апрелде БУУнун атайын өкүлү Марти Ахтисаринин сунуштарын талкуулоону баштады. Бул сунуштарда Косовонун Сербиядан эгемендүү болушу жаатында олуттуу кадамдар бар.

г) АКШ өкмөтү Косово эгемендүүлүгү жөнүндөгү Ахтисаринин сунуштарын кубаттай тургандыгын жарыя кылды. Бул жөнүндө 2007-жылы 13-апрелде тышкы иштер министринин орунбасары Николос Бернс айтты.

Сербия маалымат каражаттары ага чабуул кылып: Бернс «Коопсуздук кеңеши өз токтомун чыгарбаса да, АКШ жакынкы күндөрдө Косовонун эгемендүүлүгүн тан алат» деп жарыя кылды, - деп жазышты. 2007-жылы 18-апрелде Бернс билдирүү жасап, андай дебегенин, балким, «Региондогу БУУнун атайын өкүлү Марти Ахтисаринин планы Косово жана региондо тынчтык үчүн эң жакшы план болот. Ошондуктан, Америка Коопсуздук кеңешинин токтому аркылуу Косового эгемендүүлүк берилишине аракет кылат жана жакынкы күндөрдө Косово АКШ жана башка мамлекеттер тарабынан өз эгемендүүлүгүнүн тан алышына жетишет» дегенин айтты.

Т.а. Бернс өзү сүйлөгөн сөзүн тан алды, бирок, башкачараак ыкмада!

Бул Америка позициясы.

д) Ал эми Европа союзунун позициясына келсек, Американын Балканда Россия таасирин күчсүздөнтүүнү жана бул жерде өз таасири алдындагы ар кандай тосукту алып таштоону каалап жатканына карабастан, Европа союзу Сербиянын Россия менен алакасын үзүшүнөн же бул алаканы күчсүздөнтүшүнөн пайдаланып, Сербиянын Европа союзуна мүчө болушун күтүүдө. Мында ал Сербиянын Америкага болгон душмандыгынан пайдаланып, Европа союзу мүчөлөрү ичинен Америкага таяныч болуп турган Польша жана Чехия сыяктуу Чыгыш Европа мамлекеттери менен ортодо тең салмактуулукту пайда кылууга урунууда. Ошондуктан, Европа союзу Ахтисаринин планын макулдашын билдирди. Германиянын мурунку тышкы иштер министри Йошко Фишер 2007-жылы 12-апрелде «Косово үчүн туруктуу чечимдин убагы келди» деген макала жазды. Анда мындай делген: «БУУнун көзөмөлүндө Косово эгемендүүлүгүнө алып келе турган Ахтисаринин бул сунушу эл аралык коомчулук үчүн, айрыкча, Европа үчүн эң туура бирден-бир жол».

е) Ал эми, Сербия менен Россиянын позициясына келсек, алар бул сунушка абдан катуу каршы болушту:

•Сербия өкмөтүнүн президенти 2007-жылы 3-апрелде, Коопсуздук кеңешинде Ахтисаринин сунуштары талкууланып жаткан убакта: «Сербия Косового башкарууда кең укуктар берилген өлкө катары Сербия республикасынын курамында калышынан башкасына ыраазы болбойт», - деди. Ал 2007-жылы 2-апрелде, Коопсуздук кеңешинде катышуу үчүн Нью-Йоркко учуп кетишинен мурун, Белград аэропортунда мындай деп билдирүү жасады: «Россиянын Сербияны колдоп-кубатташы Ахтисаринин эл аралык нормаларды тебелеген планын – бул план мамлекеттер суверенитети жана аймактык бүтүндүгүн урматтабагандыктан – жокко чыгарууда бир тарыхый окуя болуп калат».

•Россиянын тышкы иштер министрлиги 2007-жылы 19-апрелде: «Косового эгемендүүлүк берилиши Европадагы туруктуулукка каршы кескин жана олуттуу чиеликтерди алып келет», - деп жарыя кылды. Кийин Сербия көнбөй турган ар кандай токтомго каршы Россия өзүнүн вето коюу укугунан пайдаланарын айтып коркутту. 2007-жылы 5-7-апрелде Белграддагы маалымат каражаттары эки тарапка алакадар акыйкаттарды текшерүү үчүн Россия Косово жана Белградга комиссия жиберүү сунушун киргизгендиги жана Ахтисари планынын талкуусун комиссия кайтканга чейин кечиктирүүнү талап кылгандыгы жөнүндө кабар таркатты. Коопсуздук кеңеши бул сунушту кабыл алып, комиссия түзүүгө киришти. Комиссияга башчылык кылууну Коопсуздук кеңешине мүчө болгон, бирок, туруктуу мүчө болбогон о.э. Европа мамлекеттеринин бири болбогон мамлекетке тапшырды. Коопсуздук кеңеши жөнөткөн делегация өзүнө тапшырылган ишке киришүү үчүн Белградга 2007-жылы 25-апрелде жетип келди. Бул комиссиянын келишинен мурунураак Белград телевидениеси Россия тышкы иштер министринин орунбасары Владимир Титовдун өзүнүн мамлекети «Коопсуздук кеңешинде БУУнун атайын өкүлү койгон пландын өтүшүнө

жол бербейт, себеби, бул план кыйраган план», - деп айткан сөздөрүн көрсөттү.

2007-жылы 28-апрелде Россия тышкы иштер министри бул маселеге кайтып, Сербия кабыл албай турган Косово жөнүндөгү ар кандай чечимди өз мамлекети четке кагарын баса белгиледи.

Косоводо болуп жаткан иштер Америка менен Россия ортосундагы күрөш экени, бул күрөштө Европанын да бир аз салымы бар экени жогорудагылардан көрүнүп турат. Бул күрөштө мусулмандардын эч кандай кызыкчылыгы көздөлбөгөн. Муну тастыктаган нерсе, Ахтисаринин Косовонун эгемендүүлүгүн талап кылып жаткан бул планы – тастыкталган тагдырда да – ага башкарууда толук укуктуу мамлекет даражасын бербейт. Балким, БУУнун башкаруусу менен НАТОнун коргоосунда болот. Американын башкаруусунда болуп, Европа союзуна да бир аз «сөөк» таштап коюлат. Бул эми эгер Россиянын каршылыгын же анын вето укугунан пайдаланышын жоготуу максатында Россия аны кабыл алышы үчүн планга өзгөртүү киргизилбеген тагдырда гана ушундай болот.

Элестетүү аныгыраак болушу үчүн төмөнкүлөрдү келтиребиз: Эки миллионго жакын калкы бар Косово миладий 1389-жылдан 1913-жылга чейин Усманий Халифалык мамлекетинин курамында болуп келди. Калкынын 90%ы мусулмандар, 10%ы сербдер. Ахтисаринин бул планы мусулмандардын Албанияга кошулушуна, сербдердин болсо Сербияга кошулуп кетишине жол койбойт. Косовону Америка жана НАТОнун башкаруусу астында сактоо үчүн, бул проблема проблема бойдон кала берет.

**Тыянак:** Колонизатор капыр мамлекеттер мусумландарга эч качан жакшылык кылышпайт, тескерисинче, алардан өз күрөштөрү жана кызыкчылыктары үчүн бир майдан катары пайдаланышат. Бир гана Халифалык мамлекети мусулмандарды коргоп, аларга азиздигин кайтарып берет жана колонизатор капырдын тамырын кесет. Ошол күндө мусулмандар Алланын жардамы менен шаттанышат.

**Скандинавия өлкөлөрү жана Куръани Каримдин өрттөлүшү**

**Эрдогандын Фарс булуңуна сапары**

**Суроо:** ***2023-жылдын 31-июлунда “Ал Жазира” сайтында ушундай кабар чыкты: “Полициянын уруксат берүүсүнүн артынан эки киши Швециянын Стокгольмдогу парламенти астында Курани Каримди өрттөштү. Ислам кызматташтык уюму кезексиз онлайн конференцияга чогулуп, Швеция жана Даниядагы окуяларды айыптады... Ушул жылдын июнь айынын акырында Силван Момика жана Силван Нажм аттуу адамдар Стокгольмдогу башкы мечиттин алдында уюштурган акцияда Куранды тебелеп, өрттөштү”. Бул иш-аракеттер Исламга жана мусулмандарга болгон душмандык себептүү жүз берип жатабы же мындай ыплас иштердин артында саясий себептер барбы?***

**Жооп:** Кафир өлкөлөр, алардын саясатчылары жана чалгын кызматтары Исламга катуу кек сактап, душмандыктарын ар жерде ачыкка чыгарышууда... Бирок, бул кек-душмандыктын өөрчүшү аймактан аймакка өзгөрүп тургандыктан, бир катар деталдуу ачыктоону талап кылат. Бул деталдардан, мусулмандарга каршы жасалган саясий жана чалгындоо амалдарынан кабардар болуу шарт. Алар төмөнкүлөр:

1 – Скандинавия өлкөлөрүнүн тарыхына жана саясий менталитетинин калыптанышына таасир кылган эки фактор бар. Биринчиси, алар таза Европа өлкөлөрү. Скандинавия өлкөлөрү Европанын түндүгүндө жайгашкан. Бул аймактагы калктар үчүн 8-11-кылымдардагы “Викингдер” доору алтын доор болуп эсептелип, ушул доордо айланасындагы өлкөлөрдү гана колония кылышкан. Андан кийин Европада ири күчтөр пайда болду жана Британия лидерлик макамга чыкты. Түндүк-батыш Европада Британия, Чыгыш Европада Орусия, Борбордук Европада Германия ири мамлекет катары майданга чыкканда Скандинавия өлкөлөрү киттер алдындагы балыктар сыяктуу болуп калды. Мындан улам, Британиянын Норвегияда, Орусиянын Финляндияда, Германиянын Данияда таасири артты. Скандинавиянын

борборунда жайгашкан Швецияга келсек, салыштырмалуу көз карандысыздыгын коргоду жана чоң армияга ээ болду. Ошондуктан, Швеция жогорудагы колонизаторлорго салыштырмалуу түрдө азыраак көз каранды эле. Экинчи дүйнөлүк согуштун алдында Британия ири мамлекеттердин арасында эң күчтүүсү болгондуктан, анын бардык Скандинавия өлкөлөрүндө эң чоң таасирге ээ болушу табигый эле. Бул, өз кезегинде Орусия менен Германиянын аймактагы таасирин алсыратты.

2 – Скандинавия өлкөлөрү географиялык жактан Ислам дүйнөсүнөн алыс жайгашкан. Мындан улам, Усманий мамлекет кулагандан кийин Ислам дүйнөсүн колония кылган жана мусулмандарга согуш ачкан Европа өлкөлөрүнүн катарында болушкан эмес. Бул, Данияны эске албаганда. Ошондуктан, Скандинавия өлкөлөрү Европа өлкөлөрү менен мусулмандар ортосундагы душмандыктан көпчүлүк учурда алыс болушкан. Ошондуктан, ирактык, сириялык, сомалилик мусулмандардын миграциясы бул өлкөлөргө көчөгөн. Айрыкча, Швециянын мусулман качкындарга меймандостук көрсөтүүсү мусулмандар үчүн бул аймакты тандоосуна себеп болду. Бирок, мындай абал көпкө созулган жок. Өзгөчө, мусулмандардын таза жашоо образы Швецияга, Скандинавияга, а түгүл, Европага таасирин тийгизе баштагандан кийин абал өзгөрдү. Анткени, Исламды кабыл алгандардын саны көбөйдү, көптөгөн мечиттер ачылды, халал азык-түлүк дүкөндөрү пайда болуп, а түгүл, "хижаб кийген европалык аялдар" көбөйүп, Ислам баалуулуктары толкун сымал каптап баратты. Бирок, бул көрүнүш аймактагы өлкөлөрдүн мусулмандарга карата сый-урматын күчөткөндүн ордуна душмандык жана кыжырдануусун күчөттү! Швециянын "Социал" деп аталган Социалдык кызматтар башкармалыгы балдарды коргоону шылтоолоп мусулман балдарды үй-бүлөсүнөн тартып алуу сыяктуу жийиркеничтүү иштерди жасады. Андан кийин бул өлкөлөрдө мусулмандарга каршы экстремисттик уюмдардын очоктору түзүлө баштады жана алар Ыйык Куранды өрттөп, Түркия, Ирак, Египет сыяктуу кээ бир

мамлекеттердин желектерин өрттөштү! Алгач мусулмандарга каршы кампаниялар жүргүзүлдү. Алардын ичинен эң жийиркеничтүүсү Ислам символдорун акараттаган карикатуралар кампаниясы болду. Мисалы, 2005-жылы Даниядагы гезит мусулмандарды жана Расулулла (с.а.в)ды акаараттаган карикатура жарыялады. Жаман аты менен таанылган Франциянын “Charlie Hebdo” гезити 2006-жылы ушул эле карикатураны кайрадан жарыялады жана мусулмандарды провакация кылды. Андан тышкары, “Исламофобия” деп аталган Исламга каршы ультра оңчул агымдар пайда болду.

3 – Швеция жана Даниядагы Курандын нускасы өрттөлгөн Исламга болгон душмандыктын бул акыркы толкунунда эки нерсе байкалды. Биринчиси, Даниядагы ультра оңчул “Hard Line” партиясынын лидери, даниялык саясатчы Расмус Палудандын Куранды өрттөөсү. Ал акциясын алгачкы жолу швед бийлигинин көз алдында Түркиянын Швециядагы элчилиги астында өткөрдү. (22.01.23, Euronews Arabic). Экинчиси, эң жаман провокацияны теги ирактык экстремист христиан жасады. Ал Курбан айт намазынан мусулмандар чыгып бара жатышканда мечиттин алдында Куранды өрттөрдөн мурун анын барактарын жыртып, бут кийими менен тебелеп, чочконун этин койду. Бул окуядан кийин Швеция менен Данияда сөз эркиндиги шылтоо кылынып арты-артынан Куран өрттөлдү! Бул эки окуя Швеция эмес, швед эместер жасады жана алар Швециянын конституциясындагы боштуктан пайдаланылып жатышат деген түр жаратуу сыяктуу болду. Швеция бул окуяларды айыптагандай туюлса да, бирок конституцияда каралган пикир эркиндигин шылтоо кылып, акцияга тоскоолдук кылбай турганын билдирди...

4 – Бул акциялардын өзгөчө Түркияга багытталганын эстен чыгарбоо керек. Алгачкы акция Түркия элчилиги алдында жасалып, Куран менен бирге Түркия байрагы өрттөлдү. Балким, Американын реакциясы бул акциялар эмнени максат кылганын көрсөтүп турат. АКШ Мамлекеттик

департаментинин өкүлү басма сөз жыйыны учурунда суроолорго жооп берип жатып мындай деди: “Эки нерсени айтууга уруксат бериңиздер... Бул силер мурун укпаган жаңылык эмес. Диний жазуулар өрттөлүп, акааратталышы урматсыздык жана кейиштүү нерсе. Мыйзамдуу болгондун баары ар дайым жасала берүүнү түшүндүрбөйт. Биз муну ар убак айтып келгенбиз... Ошондуктан, бул маселе тууралуу билдирүү жасоону Швеция өкмөтү менен коопсуздук күчтөрүнө калтырабыз”. Ал сөзүн улап мындай деди: “Бирок, жалпысынан алганда, Швецияны мүмкүн болушунча тезирээк НАТОго кабыл алууга чакырабыз. Бул үчүн Венгрия менен Түркия Швециянын мүчө болуу протоколун кечиктирбестен ратификация кылуусу керек... Швеция өткөн жылы НАТОнун Мадриддеги саммити учурунда Финляндия жана Түркия менен макулдашылган үч тараптуу меморандумдун алкагындагы милдеттемелерин аткарганына ишенебиз...”. (29.06.23, CNN Арабий).

5 – Бул окуяларга тереңирек көңүл буруп карасак, Курандын өрттөлүшү менен коштолгон бул кылмыштуу иштер Исламга жана мусулмандарга каршы жасалып келген душмандыктын бир бөлүгү экенин көрөбүз. Муну менен катар Түркияны провакация кылуу менен Швециянын НАТОго мүчө болуу процессин үзгүлтүккө учуратуу максат кылынган. Балким, бул акцияны пландагандар Түркия акыр-аягы Американын Швецияны НАТОго кошуу талабына моюн сунарын билишет. Америка Швецияны НАТОго кошууну жана бул нерсе – Украина согушу себептүү – Орусия үчүн кезектеги стратегиялык жоготуу болорун көздөп жатат. Түркия президенти Эрдоган бул талапты орундатуу үчүн 11-июлда Литвада өткөн НАТОнун саммитинде Швециянын НАТОго кошулуу маселесин парламентке алып чыгарын билдирди. Тагыраагы, Швециянын НАТОго кошулуусун колдой турганын ачыктады.

Болуп өткөн окуяларда яхудий вужудунун да колу бар экенин көз жаздымда калтырбоо керек:

Биринчиси, Швецияда жашаган жана Куранды өрттөгөн ирактык качкын – бул Моссаддын агенти. Ирандын Чалгын кызматы дүйшөмбү күнү жарыялаган билдирүүдө Швецияда Курани Каримди өрттөгөн Силван Момика (израилдин) Моссады менен байланышы бар экенин тастыктаган маалыматка ээ болгонун айтты... IRNA агенттигинде жарыялаган билдирүүдө мындай делет: “Биздин колубуздагы маалыматтарга ылайык, Момика 2019-жылдан тарта Моссадга кызмат кыла баштаган. Ирак калкына жана Ислам Умматына жасаган кыянаттыгынын акысына Швецияда жашоо укугун алган”. (10.07.23, ал-Араб ал-Жадид). Ал эми, Куранды өрттөгөн экинчи адам болсо анын досу жана тууганы болгон.

Экинчиси, эки тараптуу жолугушууну ушуга чейин кабыл албай келген Байден менен Нетаняхунун ортосундагы чыңалуу. Яхудий вужуду бул акция аркылуу Швециянын НАТОго кошулуусун үзгүлтүккө учуратуу менен Орусияга жасакерленмекчи болду.

6 – Корутундулап айтканда, эл аралык күрөш майданында мусулмандардын баалуулуктары тебелеп-тепселиши абдан аянычтуу! Мусулмандардын жетекчилери менен уюмдары терең уйкуда. Алардын эң жакшысы сокур тыйынга арзыбаган курулай айыптоолор менен алек. Ыйык жана кол тийгис нерселердин акарат кылынышы душманга каршы шайтандын васвасасын унуттуруп койо турган айыгышкан согуш алып барууну важиб кыларын аңдабаган акыл-эстүү адам барбы?! Скандинавия өлкөлөрү сыяктуу алсыз мамлекеттер дагы конституциясын жана мыйзамдарын шылтоо кылып, Ислам Умматынын туйгуларын эске албастан мусулмандардын ыйык Китебин өрттөп жатышы өтө жан кейитерлик... Андыктан, мусулмандар Аллахтын өкүмдөрү менен башкарып, Аллах жолунда жихад кылган жана Аллахтын шариятын татыктуу орунга койгон халифа болгонго чейин душмандардын мындай кылмыштары улана беришин аңдап жетишибиз керек... Ошондо гана бул алсыз өлкөлөр, а түгүл, ири өлкө аталгандардын эч бири мусулмандардын баалуулуктарына зыян жеткирүүгө

батына албайт... Халифа кылмышкерди жазалоо менен гана чектелип калбайт! Балким, кылмышкерди коргогон жана өз өлкөсүнө кабыл алган өлкө же өлкөлөрдү да жазалайт.

﴿وَسَيَعْلَمُ الَّذِينَ ظَلَمُوا أَيَّ مُنْقَلَبٍ يَنْقَلِبُونَ﴾

«Залим кимселер болсо жакында кандай акыбетке карап бара жатышкандарын билип алышат»

[26:227]

......................................

**Суроо:** ***“Emirates Today” 2023-жылдын 25-июлунда өзүнүн веб-сайтында ушул кабарды жарыялады: “Түркия президенти Режеп Тайып Эрдоган өткөн аптада Фарс булуңунун үч өлкөсүнө жасаган сапарын “абдан ийгиликтүү жана жемиштүү” деп мүнөздөдү. Эрдоган дүйшөмбү күнү кечинде телевидение аркылуу сүйлөгөн сөзүндө чоң бизнес делегациясы менен Фарс булуңуна жасаган сапары тышкы саясат жаатында “өтө маанилүү кадам” болгонун белгиледи”.***

***Белгилүү болгондой, Түркия президенти 2023-жылдын 17-19-июль күндөрү Сауд Арабия, Катар жана Бириккен Араб Эмираттарында иш сапары менен болгон. Аны 200дөн ашуун ишкер жана маанилүү инсандар коштоп жүрүштү... Фарс булуңундагы өлкөлөр Түркиядан эл аралык саясий мамилелер жагынан айырмаланып турса да, бул сапардын максаты эмне? Же бул сапар экономикалык себептерге байланыштуубу, өзгөчө азыркы түрк экономикасында байкалган инфляцияга байланыштуубу? Рахмат жана ыраазычылык билдиремин.***

**Жооп:** Бул суроолордун жообун тактоо үчүн ушуларды карап чыгабыз:

1 – 200дөн ашуун ишкерлер жана маанилүү инсандар менен коштолгон бул сапар Түркия экономикалык кризистен жапа чегип турган мезгилде инфляциянын деңгээли рекорддук деңгээлге жетип, түрк лирасы тынымсыз наркын жоготуп жаткан учурда болду. Ошондуктан бул сапарда экономикалык маселелер алдыңкы планга чыкты. Бул сапарда инвестициядан

өнөр жайга, коргонуудан ден-соолукка, жаңыланма энергия булактарынан космостук өнөр жайга чейин көптөгөн тармакта 18 келишим жана биргелешкен билдирүүлөргө кол коюлуп, Түркия менен Бириккен Араб Эмирликтеринин ортосунда 50,7 миллиард долларлык келишимге кол коюлду.

2 – Түркия экономикалык кризистен кыйналып, баалар тынымсыз өсүүдө. Расмий маалыматтар боюнча Түркияда инфляция 40 пайыздын тегерегинде болсо, расмий эмес маалыматтар боюнча 100 пайыздан ашты. "Бүгүн, шаршемби күнү жарыяланган расмий маалыматка ылайык, Түркияда инфляция июнь айында төмөндөп, жылдык негизде 38,2%ды түздү, бул 18 айдагы эң төмөнкү деңгээл. "Көз карандысыз инфляцияны изилдөө тобунун" (ENAG) маалыматына ылайык, инфляциянын деңгээли жылдык негизде өсүп, 108,5%га көтөрүлгөн". ("Al-Jazeera Mubasher", 05.07.23).

3 – Түрк Борбордук банкы 2023-жылдын май айындагы шайлоо алдында долларды белгилүү бир деңгээлде кармап туруу үчүн базарга чоң суммада доллар чыгарды. Бул жагдай Түркиянын Борбордук банкындагы чет элдик валюта резервинин олуттуу азайышына алып келди. 28-майдагы шайлоодо 19,90 болгон доллардын баасы учурда 26дан ашты. Ошентип лиранын долларга карата кунсузданышы жыл башынан бери 28 пайыздан ашты. "Шейшемби күнү эртең менен расмийлер жана банкирлер Борбордук банк валютаны колдоо үчүн резервдерин колдонууну токтотту деп билдиргенден кийин түрк лирасы долларга карата жаңы рекорддук деңгээлге жетип 26,10 болду. Лира кийинчерээк 26,05 баада турукташып жыл башынан бери 28 пайыздан ашык арзандады...". ("Арабий 21". 27. 06.23).

4 – Ошондуктан, Эрдоган бюджеттин таңкыстыгына, өнөкөт инфляция жана түрк лирасынын кунсузданышына каршы күрөшүү үчүн капитал жана каржы жагына чоң үмүт артты. "Bloomberg агенттиги жарыялаган анализде Эрдогандын өзгөчө экономикалык саясаттарынан улам өлкөгө капитал салуудан качкан Батыш инвесторлору арасындагы айырмануу жабуу үчүн

араб дүйнөсүндөгү мунайга бай өлкөлөр менен мамилени жакшыртууга аракет кылып жатканы белгиленген...”. (https://aposto.com, 21.07.23).

5 – Фарс булуңу менен алакаларды жеңилдетүү үчүн Мехмет Шимшек дайындалган. Ал Британиядагы жана Фарс булуңундагы инвесторлор менен жакшы мамиледе жана ал мурун бул кызматтан алынган. Ал 2023-жылы 28-майдагы шайлоодон кийин Каржы министри болуп дайындалган. Ал ETI банкынын стипендиясы менен Британиянын Эксетер университетинде магистратураны бүтүргөн жана Лондондогу эл аралык уюмдарда экономист, стратег жана менежер болуп иштеген. Анын каржы министри болуп дайындалышы Европадан акча тартууну жана Британиянын Түркияны сындаганын азайтуу максатын көздөйт. Ошон үчүн, Британиянын финансы чөйрөсүндө таанымал жана финансы мекемелеринде иштеген Мехмет Шимшек июнь айында Сауд Арабия, Катар жана Бириккен Араб Эмирликтерине сапар кылып, жогорку деңгээлдеги жолугушууларды өткөрдү. “Өткөн айда вице-президент Жевдет Йылмаз, Казына жана каржы министри Мухаммад Шимшек, Борбордук банктын төрагасы Хафиз Гайе Эркан Фарс булуңундагы өлкөлөргө барып “экономикалык кызматташтык мүмкүнчүлүктөрүн” баалашты. Экономика министрлигинин бул сапарлары Эрдогандын Фарс булуңуна сапарында түзүлө турган келишимдердин пайдубалын түптөөгө багытталганы болжолдонууда...”. (17.07.23, https://www.indyturk.com/). Ошондуктан, Эрдогандын Булуңга жасаган сапары экономикалык чөйрө даярдалгандан кийин болду.

6 – Анкара ноябрда чоң көлөмдөгү карызды төлөөгө туш болот. Ал эми, тышкы карызын төлөй алышы үчүн ноябрь айына чейин тышкы ресурстарды табышы керек. Ошондуктан, тышкы ресурстарды издөө үчүн Фарс булуңундагы инвесторлорго бет алды. “JP Morgan 2023-жылдын июль айынан октябрга чейин Түркиянын тышкы карызынын ай сайын төлөмү 2,4 миллиард доллардан 3,5 миллиард долларга чейин болорун жана 2023-жылдын декабрынан 2024-жылдын мартына чейин ири тышкы карыз

төлөмдөрү бар экенин баса белгиледи”. (https://www.bloomberght.com/, 06.07.23).

7 – Ошондуктан, экономикалык себептер Эрдогандын Фарс булуңуна жасаган сапары артында турган саясий себептерден жогору турат. “Атлантика Кеңеши” (Atlantic Council) тарабынан жарыяланган макала муну ырастап турат. “Атлантика Кеңеши” жарыялаган бул макалада изилдөөчүлөр Серхат Чубукчуоглу жана Моуза Хасан Аль-Марзуки баса белгилешинче, Түркиянын Фарс булуңундагы мамлекеттер менен мамилени чыңдоого кайрадан кызыкдар болушунун негизги себеби – капиталдын агылып келүүсүн тартуу жана акыркы жыйырма жылдагы экономикалык өсүшкө жетишкен лидер катары Эрдогандын мурасын сактап калуу... (http://www.atlanticinkle.cc/, 21.07.23).

8 – Бул нерсе Эрдогандын билдирүүлөрүндө да көрүнүп турат. “Президент Эрдоган Түркия менен БАЭ ортосундагы соода алмашуунун көлөмү 10 миллиард долларды түзгөнүн белгилеп, БАЭ Түркиянын аймактагы эң маанилүү соода жана экономикалык өнөктөштөрүнүн бири экенине көңүл бурду. Эрдоган БАЭге болгон сапарында ар түрдүү тармакта 13 келишимге кол коюлганын жана алардын жалпы көлөмү 50,7 миллиард долларды түзгөнүн билдирди”. (“Emirates Today”, 25.07.23).

9 – Жыйынтыктап айтканда, Эрдогандын Фарс булуңуна жасаган сапары биринчи кезекте экономикалык сапар болуп саналат. Т.а. түрк лирасын, Түркиядагы экономикалык рынокту тең салмактуулук калыбына келтирүү үчүн инфляцияны азайтуу жана экономикалык абалды жакшыртуу максатындагы сапар болду десек жаңылышпайбыз. Мунун баары мусулман өлкөлөрүнүн вакыйы (абалы) алардын биримдиги зарыл экенин ачык көрсөтүп турат. Бул өлкөлөрдүн жер асты жана үстүндөгү байлыгы элине жетет, жакырчылыкты жоёт, улуулукка көтөрөт. Эгер, мусулмандар бул нерсени түшүнүшкөндө Аллахтын бурадар пенделери болмок жана бир уммат, адамзат үчүн чыгарылган эң жакшы уммат болушмак.

﴿كُنْتُمْ خَيْرَ أُمَّةٍ أُخْرِجَتْ لِلنَّاسِ تَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَتَنْهَوْنَ عَنِ الْمُنْكَرِ وَتُؤْمِنُونَ بِاللهِ﴾

«Силер адамдар үчүн чыгарылган, жакшылыкка буйруган, жамандыктан кайтарган жана Аллахка ыйман келтирген эң жакшы уммат болдуңар» [3:110]

**16-мухаррам, 1445-м.**

**3-август, 2023-м.**

## Сирия маселеси тууралуу берилген суроолорго жооптор

**Суроо:** *Дамаскта болуп өткөн саммиттин артында эмнелер турат? Катар көз карандылык жактан Сириядан айырмалана туруп бул саммитке эмнеге келди? Акыры, Катар Сирия менен Түркия сыяктуу Америкага эмес, англистерге көз каранды го?*

**Жооп:** Бул саммит тээ жаңы америка жетекчилиги келгенге чейин сүйлөшүүлөрдө кабыл алуу жана четке кагууда улантуу аркылуу региондо тынч абалды жаратуу үчүн өткөрүлдү. Максат, Америка шайлоолор менен убара болуп турганда аны тынчсыздандыра турган бир «кайнак вулкандын» пайда болбостугу.

Америка региондо жүзөгө келген боштукту толтуруу менен алектенүү үчүн өзүнүн ордуна Сарказини жөнөттү. Америка шайлоо менен убара болгондуктан ушундай кылды. Америкалыктарга көбүрөөк жакындашып аларга мунафыктарча жалтактап жаткан Сарказини Америка өзүнүн ордуна саясий вазыйпаларды аткарууну тапшыруу менен сыйлады.

Дамаскта Асад, Саркази, Эрдоган жана Катар амири ортосунда болуп өткөн жолугушуудагы эң көзгө көрүнгөн максат жөөт мамлекетине Ольмерт отставкасынан кийин сүйлөшүүлөрдү улантуу зарылдыгын сездирүү болду. Бул тууралуу Сирия президенти мындай дейт: «Биз алты пунктту белгилеп алдык жана аларды түрк тарабында аманат калтырдык. Израиль өз пункттарын түрк тарабына тапшырышын күтүп ушундай кылдык. Израиль ортого таштай турган пункттарга Жоопубуз оң болот жана түздөн-түз

сүйлөшүүлөргө өтөбүз. Бул жаңы Америка жетекчилиги түзүлгөндөн кийин болот».

Белгилүү болгондой, Асад менен Эрдоган Американын малайлары. Америка жетекчилиги аларды жаңы жетекчилик түзүлүп, өзүнүн өкүмдарлыгын жана таасирин жүзөгө чыгарат деп биле турган токтомду кабыл алганга чейин жөөт вужуду менен сүйлөшүүлөрдү улантуу үчүн Франция көзөмөлүндө ишке салат.

Катар болсо, бул саммитте Англия кызыкчылыгын чагылдырат. Ал региондогу ар кандай сүйлөшүүлөр, же келишимдер, же сулхтарда өзүн жагымдуу тарапка айландыра турган көрүнүштө Америка менен жөөт талаптарына баш ийүүдө.

**9-рамазан, 1429-х.**

**9-сентябрь, 2008-м.**

### Жигиттер үчүн

**Суроо**: *Сирия кризиси созулуп кетти, Шам тогуту зомбулук жана кыргын кылууну дагы да күч алдырды, анын кылмыштарынан инсан да, бак-дарак да, тоо-таш да аман калган жок... Биз бул тогут режим менен түзүлгөн эл аралык, регионалдык, ал тургай, ички долбоорлор жөнүндө угуп жатабыз... Бул долбоорлордо режимден бөлүнүп чыккан кээ бир адамдарды мактап чырайлуу көрсөтүүгө аракеттер жасалууда. Төгүлгөн пакиза кандардын жана берилген курмандыктардын акысына чет элдик тараптарды ыраазы кыла турган чечимдерди иштеп чыгуу үчүн иш-чаралар көрүлүүдө. Аллах көрсөтпөсүн, эгер акыбет, ушул курмандыктардын натыйжасы адамдар гана бир аз «пластикалык операция» менен өзгөртүлүп дагы бир ыплас режим боло турган болсо, бул өтө кайгылуу жана ызааланткан иш болот... Биз ушундай суроо бермекчибиз: такбир айтып Ислам башкаруусун талап кылган ошол мусулмандар кана, кайда? Айрыкча, биз Халифалык үчүн жан талашып аракет кылып жактан убагыбызда алар*

*кайда? Бизге жардам бере турган нусрат ээлери кана, каякта? Эгер, биз Халифалыкты Ислам диярынын жүрөгүндө тикелебесек, колонизатор кафирлер жана алардын малайлары мурдагыдай илманий жарандык республикалык мамлекетти тикелешсе, бул нерсе – Аллах анын бетин ары кылсын – бизге же эч болбогондо айрымдарыбызга кандайдыр бир деңгээлде артка тартуу менен таасир кылат! Буга жүрөгүбүздү тынчтандырып, дилибизди кадыржам кылган жооп барбы? Сизге бул үчүн чоң ыраазычылык билдиребиз жана сизге Аллах Субханахудан улуу ажр-сооп тилеп калабыз.*

**Жооп**: Бул суроодон абдан ызаалануу о.э. ынтызарлык сезими көрүнүп турат. Бул ынтызарлык – берилген ушунча курмандыктар жана төгүлгөн кандар Шам жеринде Аллахтын өкүмү, рошид Халифалыктын тикелениши менен өзүнүн пакиза мубарек мөмөсүн беришине болгон ынтызарлык... Бул ынтызарлык ар бир садык калыс мусулманга тынчтык бербей жатат, бирок, ар бир нерсенин белгилеп коюлган мөөнөтү бар, Аллах Субханаху ар бир нерсеге өлчөм койгон. Бул суроонун ээсине жана бардык боордошторго бул жөнүндө элес анык болушу үчүн айрым нерселерди айтып өтөбүз. Бул нерселер суроодо көрсөтүлгөн нерселерди ачыктап, айкындаштырып берет:

1 – Америка Хафиз Асад жана анын уулунун доорунан бери Сирияда чыныгы таасирге ээ. Ошондуктан, Америка азыркы малайы Башардын ордуна жаңы малайды табуу үстүндө тынымсыз издөөдө, бул малай жаңы Башардан кийинки жараканын ордун толтуруп бериши керек. Себеби, Башар башкаруу жагынан эбак эле кулап болду, Америка муну жакшы түшүнөт, бирок, ал өзгөрүү өз кызыкчылыктарына кызмат кылган таризде өтүшүн камсыздамакчы. Америка Башар анын ордуна башка малай табылышынан мурун бийликтен кулап калышынан коркууда, себеби, Ислам анын ордун ээлеп алат же Америка эсепке албаган бирер башкаруу болуп калат...

Ошондуктан, Америка түздөн-түз же малайлары аркылуу тогутка байма-бай мөөнөттөрдү бөрүүдөн турган долбоорлорду ишке салууда, ушунун акыбетинде Башар зомбулук жана кыргын кылууну дагы да күч алдырууда.

Бул абал Америка Башардын ордуна жаңы малайды тапканга чейин уланат... Америка долбоорлору акыркы убакта дагы да күч алды, аларга ылайык, чет элде туруп аскерий кеңештер түзүлдү же кээ бир саясатчылар уюштурулду, ичкеридеги Америка адамдарынын ички оппозиция менен бирге аракеттери о.э. Халифалыкты тилге алган кишилерди коркутуу, опузалоолор болду... О.э. акыркы убакта режимден бөлүнүп чыккан кээ бир адамдарды, саясатчыларды жана аскерийлерди бириктирүүгө аракеттер жасалууда, Америка демөөрчүлүгүндө жергиликтүү тараптар менен регионалдык жана эл аралык келишимдер да түзүлүүдө. Кала берсе, төрттүк планын ишке ашырууну Миср өз мойнуна алган долбоорду да уктук, мындан тышкары Түркия демөөрчүлүк кылып жаткан оппозиция: Улуттук кеңеш, Азаттык армиясы (көзгө көрүнгөн кишилери) да бар... Ички оппозиция болсо: Иран демөөрчүлүк кылып жаткан координациялык кеңеш... Бул болсо, Америка чектөө-сызыгы боюнча сценарий иштеп чыгууда Америка өзүнүн үч чеңгели: Түркия, Иран жана Мисрди башкарып жатканы анык көрсөтүп турат.

Бирок, проблема мында, Америка Башардын ордун баса турган жаңы малайды ушул бүгүнкү күнгө чейин таппады. Бул малай боштукту толтуруп, ичкеридеги каршылык аракетиндегилердин колдоосуна татыктуу болушу керек эле. Каршылык аракетиндегилердин көпчүлүгү азырга чейин Америка саясий башкаруусунан о.э. анын азыр эле айтылып өткөн үч малайынын башкаруусунан сыртта калууда... Кыскасы, Америка үгүт жүргүзүп адамдардын кабылдоосуна ээ боло турган жаңы малайды ушул бүгүнгө чейин таппады... Бул иш Американы абдыратып койду... Ошондуктан, Америка жаңы малайды издөөдө абдан тынчсызданып жатат жана анын таасириндеги башаламандык анын пландарына кедергисин тийгизүүдө. Себеби, Америка алиге чейин Башардын ордуна жаңы малайды таппады. Башар болсо, өз чектен чыгуусун дагы да күчөттү жана бара-бара бурчка камалып, кулоо алдында турат. Эгер, ал өз ордуна жаңы малай табылышынан мурун куласа, Америка кыйын абалда калат, ошондуктан, Америка ушул

жаңы малайды тезинен таап чыгарууга урунууда. Ал эми, мындай жаңы малай элдин колдоосуна ээ болбойт, ошондуктан, өзүн коргой турган эл аралык күчтөргө муктаж болот. Эл аралык күчтөрдү Сирияга алып кирүү болсо эки курч «кылыч» болуп, ал регионду Америка колуна өткөрүүнүн ордуна Америкага каршы козгоп коюшу да мүмкүн.

Кризистин созулуп кетишин мына ушул себептер ачыктап турат.

2 – Биз буларды жакшы түшүнүп турабыз. Ошондуктан, ичкериде бизге жардам бере турган нусрат ээлери менен биргеликте ишти мыктылап алып барып, аракетти тездетип жатабыз. Аллах Субханаху ва Тааладан, Өзү жардам берип дарул Ислам борборунда Халифалык хилалы жаркырашына жетиштиришин сурап калабыз... Мен ушул сөздөр менен чектелемин. Себеби, билген ар бир нерсени айтуу мүмкүн эмес. Ушуга карабастан, сиз мында «биз кайдабыз жана бизге жардам бере турган нусрат ээлери кана, кайда...» деген суроонузга жооп табасыз. Бирок, мен айтпай өтүү туура болбогон эки нерсени кошумчаламакчымын, биринчи нерсе ушул, биз Расул агамамлекетти тикелөөдөгү тарийкатын бекем кармаганбыз, бул тарийкат болсо сабырды, бири-бирибизди сабырга чакырууну жана аң-сезимдүү таризде иш алып барууну талап кылат... Экинчи нерсе болсо мындай, башка күчтөр, айрыкча, Америка, анын жанындагы Европа, жогоруда баян кылганыбыздай Америка саясаты боюнча жүргөн ички жана тышкы оппозиция деген кыймылдар, ал тургай, ичкеридеги айрым каршылык аракетиндегилер да... бардыгы биз бийликке келбешибиз үчүн, арийне Халифалыктын келбеши үчүн бардык күчү менен аракет кылып жатат... Демек, бизге каршы жана бизге жардам бере турган нусрат ээлерине каршы чоң күчтөр аракет кылып жатат. Биз Күчтүү, Азиз Аллахтан жардам жана тавфик сурайбыз, анткени, бул иш өтө чоң жана бизге каршы турган күчтөр да чоң.

3 – Эми сиздин: «Эгер, биз Халифалыкты Ислам диярынын жүрөгүндө тикелебесек, колонизатор кафирлер жана алардын малайлары

мурдагыдай илманий жарандык республикалык мамлекетти тикелешсе, бул нерсе – Аллах анын бетин ары кылсын – бизге же эч болбогондо айрымдарыбызга кандайдыр бир деңгээлде артка тартуу менен таасир кылат!» деген сөзүңүзгө айта турган Жоопума келсек, менин Жоопум ушул, бул таасир – Аллахтын уруксаты менен – алга сүрүшү керек, натыйжалар кандай болбосун ушундай болушу кажет. Себеби, биз Шамда же башка жайда рошид Халифалыктын кайра тикеленишине терең ишенебиз, мындан кадыржамбыз. Ошондуктан, биз бул жерде да, ал жерде да аракетти улантып жатабыз, Аллахтын рахматынан эч качан үмүт үзбөйбүз. Себеби, өтүп жаткан ар бир күн бизди Халифалык тикеленишинин Аллах Субханаху белгилеп койгон убактысына жакындаштырып жатат. Ошондуктан, жигиттер бул нерсени жакшы түшүнүп алуулары зарыл. Эгер, Аллах Халифалык Шамда тикеленишин өкүм кылса, бул жакшы, эгер Аллах Субханаху Халифалык башка жерде тикеленип кийин Шамга өтүшү жана орношуп калышын өкүм кылса бул да жакшы. Эки абалда тең Шам дарул ислам борбору болуп калат. Кандай болбосун, биз бүткүл күчүбүз менен жана мүмкүнчүлүгүбүз менен аракетти уланта беребиз. Биз Аллах тарабынан келе турган күчтүү нусратка: дүйнөдө да жеңишке жетишүүгө, акыретте да ийгиликке жетишүүгө көздөрүбүз, жүрөгүбүз жана кайратбыз менен умтулуп турганыбыздан соң, Аллахтын убадасы албетте келет. Мына ушул – улуу жеңиш.

Сөзүмдү жыйынтыктап ушуну айтамын, мусулмандардын Халифалыгы кайсыл жайда тикеленишин Аллах Субханаху Өзү билет. Анткени, Расулуллах с.а.в. Меккеде бир нече жылдар бою аракет кылды жана урууларда көп жолу нусрат талап кылды. Расулуллах с.а.в. мамлекет Меккеде да, нусрат талап кылган эч бир уруу аркылуу да эч качан тикеленбешин билбеген. Бирок, Мединадан бир нече кишилер ал жөнүндө сурап-сүрүштүрүп келишти, кийин бир жылдан кийин анын алдына он эки киши келип биринчи Акаба байъатын беришти, кийинчерээк болсо жетимиш

үч эркек киши жана эки аял келип нусрат берүү тууралуу экинчи Акаба байъатын беришти... жана Медина Мунаввaрада мамлекет тикеленди.

Эй урматтуу боордош, биз өзүбүздү эмне иштерди жасап жатканыбыз жөнүндө тергеп-тескешибиз керек, жасап жаткан иштерибиз шарият өкүмдөрүнө ылайык болуп жатабы, бул өкүмдөрдөн кылча да четке чыгуу болбой жатабы, олуттуулук, тырышчактык, садыктык жана ыклас менен болуп жатабы же бул жерде кандайдыр бир мүчүлүштүктөр барды, ушулар жөнүндө өзүбүздү тергеп-тескешибиз зарыл. Кыямат күнү эсеп-кысап кылынышыбыздан мурун өзүбүздү мына ушинтип тергешибиз кажет. Натыйжаларга келсек, эгер аларга тез жетсек, бул, Аллах тарабынан көрсөтүлгөн фазилет болот, эгер натыйжалар Аллах билген убакытка кечиксе, бул үчүн да Аллахка мактоолор айтабыз. Эки абалда тең биз Аллахтын рахматынан таптакыр үмүт үзбөйбүз, үмүттү үзүшүбүз туура да эмес. Тескерисинче, биз Аллах минтип сыпаттаган ошол ата-бабаларыбыздын неберелерибиз:

***«Эй момундар, сабыр кылгыла жана сабыр такат кылууда өйдө болгула о.э. дайыма*** *(күрөш-жихад үчүн белиңер байлануу абалда)* ***даяр болуп тургула! Аллахтан корккула,*** *(ошондо)* ***мүмкүн нажат табасыңар!»*** [3:200]

Күчтүү, Азиз Аллах алар жөнүндө дагы мындай деген:

***«Аллах силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттарга, кудум мурунку өткөн*** *(ыйман-итикаддуу)* ***заттарды*** *(жер жүзүнө)* ***халифа-өкүмдар кылгандай, аларды да жер жүзүндө халифа кылууну убада кылды жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон*** *(Ислам)* ***динин үстөм-бекем кылууну о.э. аларды көргөн коопкоркунучтарынан кийин тынчтык-бейпилдикке бөлөп коюуну убада кылды. «Алар Мага гана ибадат кылышат жана Мага бир да нерсени шерик кылышпайт. Ким мына ушул*** *(убада)****дан кийин куфрону*** *(неъмат)* ***кылса, анда, алар итаатсыз кишилер»*** [24:55]

Биз Рохман, Рохим Зат мындай деген кишилерденбиз:

***«Дагы силер жерде азчылык жана алсыз болгон чагыңарда, адамдар талап кетүүлөрүнөн коркуп турган чагыңарда силерге жай берип Өз жардамы менен колдоп-кубаттаганы жана шүгүр кылышыңар үчүн пакиза неъматтардан ырыскы бергенин эстегиле!»***

[Анфаал 26]

Демек, Аллах бизге башбаанек берип эле калбастан, бизди Өз нусраты менен да колдоп-кубаттайт о.э. бизди пакиза нерселерден ырыскыландырат, бул үчүн Аллах Роббул аламинге мактоолор болсун.

О.э. биз Расулуллах с.а.в.дын Бухарий келтирген ушул хадисине да ылайыктуубуз:

**«لاَ يَزَالُ طَائِفَةٌ مِنْ أُمَّتِي ظَاهِرِينَ حَتَّى يَأْتِيَهُمْ أَمْرُ اللَّهِ وَهُمْ ظَاهِرُونَ»**

**«Үмммөтүмдөн бир тайпа ар дайым үстөм болуп турат, ал тургай аларга Аллахтын буйругу келгенде да алар үстөм абалда болушат»**. Бул хадисти Муслим ушул лафз менен келтирди:

**«لاَ تَزَالُ طَائِفَةٌ مِنْ أُمَّتِي ظَاهِرِينَ عَلَى الْحَقِّ لاَ يَضُرُّهُمْ مَنْ خَذَلَهُمْ حَتَّى يَأْتِيَ أَمْرُ اللَّهِ وَهُمْ كَذَلِكَ»**

**«Үммөтүмдөн бир тайпа ар дайым акыйка үстүндө үстөм болот, аларды жардамсыз таштап койгондор аларга зыян жеткире албайт. Ал тургай Аллахтын буйругу келгенде алар мына ушундай абалда болушат»**. Бул хадис сахих китептеринде ушуга окшогон лафздар менен да чыгарылган. Биз – Инша Аллах – Расулуллах с.а.в.дын имам Ахмад риваят кылган хадисиндеги ушул башаратына да ылайыктуубуз:

**«تَكُونُ النُّبُوَّةُ فِيكُمْ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ اللهُ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا عَاضًّا، فَيَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ يَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا جَبْرِيَّةً، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ، ثُمَّ سَكَتَ»**

**«Силердин араңарда Аллах каалаганча пайгамбарлык уланат. Кийин Аллах каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизинде Халифалык болот жана ал Аллах каалаганча**

**турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин зордукчул падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин жабыр көрсөтүүчү залим падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот.** Андан соң Пайгамбар с.а.в. сүкүткө батты».

О.э. биз Аллахтын ырайымынан үмүт үзбөгөн, Анын нусратынан кадыржам болгон, кыйынчылык келгенде Аллахтын жардамы жана нусраты жакындашкан адамдарданбыз.

***«Ошондо, албетте ар бир оорлук-машакат менен бирге бир жеңилдик да бар. Албетте ар бир оорлук-машакат менен бирге бир жеңилдик да бар»*** [94:5-6]

Аллахтын уруксаты менен бир кыйынчылык эки жеңилдик үстүнөн эч качан үстөм келе албайт.

Сөзүбүздүн аягында ушуну айтамын, биз бул жер жана ал жерде, Шамда жана башка өлкөлөрдө аракет кылууда күчүбүздү эч качан аябайбыз, жүрөгүбүз Аллахты зикир кылуу менен, бул дүйнө жана акыретте Анын нусраты келиши менен кадыржам.

***«Албетте, Биз пайгамбарларыбызга жана ыйман келтирген заттарга дүйнө тирүүлүгүндө да, күбөлөр тура турган күндө*** *(Кыяматта)* ***да жардам беребиз»*** [40:51]

Ошондой болгон соң, Аллахты зикир кылуу менен кадыржам болуп, Күчтүү, Азиз Аллахтын нусратына терең ишенип, олуттуулук жана жан талашып аракет кылгыла.

***«Мүмкүн, ал жакындыр, деп айткын!»*** [17:51]

Вассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

**7-зул-каъда, 1433-х.**

**23-сентябрь, 2012-м.**

## Сирия майданындагы акыркы саясий жараяндар

**Суроо:** *Америка жана Түркия муътадил элементтер деп аталган топторду машыгуудан өткөрүүгө тиешелүү келишимге кол койгону жөнүндө кабар таркады... Бул Америка Башардын ордуна жаңы малайды табуунун астында турганын, ошондуктан бул жаңы малайга аны абадан колдоп-кубаттоого кошумча түрдө, жерден туруп да колдоп-кубаттай турган бир татыктуу күчтү даярдап жатат деген маанини түшүндүрөбү? Же бул Америка Башардын ордуна жаңы малайды табуудан бошогонго чейин бир жыл жана эки жыл машыгуудан өткөрүү аркылуу болгону убакытты өткөрүү элеби? Башкача айтсак, бул альтернативдүү малай даярдалышына жакын калгандыктан, аны колдоп-кубаттоочу күчтү даярдап коюшканын түшүндүрөбү же альтернативдүү малай табылышына али көп убакыт бар болуп, ошондуктан альтернативдүү малайды даярдаганга чейин муътадилдерди машыгуудан өткөрүү менен убакытты өткөрмөкчү экендиктерин түшүндүрөбү? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.*

**Жооп:** Жооп анык болушу үчүн Америка позициясын о.э. анын региондогу мамлекеттер менен бирге кылып жаткан аракеттерин көрүп чыгабыз:

1 – Обама келишим туурасындагы сөзүндө мындай деди: «Кошмо Штаттардын Сириядагы муътадил оппозицияны колдоп-кубаттоосу ал жердеги аракетке салым кошуп эле калбастан, бардык жерлердеги адамдарга экстремизм акыйдасына каршы турууда жардам бериши да мүмкүн. Бул аракет убакытты жана бүтүндөй этибарды каратууну талап кылат». Ал дагы мындай деди: «Көп сандагы кургактык күчтөрүн чет өлкөгө жиберүүнүн ордуна азыр Кошмо Штаттар Түштүк Азиядан Түндүк Африкага чейин созулуп жаткан мамлекеттер менен кызматташтыкта иш алып баруу жолуна өтүүдө, мындан көздөлгөн максат, Кошмо Штаттарга коркунуч болуп жаткан

террорчуларды тынч баш баанектерден куру калтыруу». (IIP Digital 2015-жыл, 20-январь.).

Бул сөздөрдөн анык көрүнүп тургандай, Америка бул регионго көп сандуу күчтөрдү жиберип мурунку катаны кайталоону каалабайт. Тескерисинче, Америка региондогу мамлекеттерди ишке салып, регион калкынын өзүнөн муътадил же васатия деп аталуучу күчтөрдү түзмөкчү. Америка өзүнүн максаттарына жетишүү үчүн бул күчтөрдү колдоп-кубаттайт жана аларды ишке салат. Америка президенти муну өзүнүн мамлекети тышкы саясатта негиз кылып аракет кыла турган бир саясий план катары жолго койду. Ошондуктан, Америка Исламдын бийликке кайтышына жол бербестик жана өзүнүн бул региондогу таасирин сактап калуу о.э. бул региондогу байлыктарды талап-тоноп кетүүнү улантуу максатында өзүнүн бул региондо жүргүзүп жаткан согушуна көп сандагы кургактык күчтөрүн жиберүүнү каалабай жатат. Бирок, өзүнүн бул согушунда мусулмандардын өздөрүн ишке салмакчы. Ушундай максатта жардамдашууга тиешелүү белгилүү бир милдеттерди аткаруу үчүн же машыгуудан өткөрүү, согуштарды башкаруу жана абадан туруп самолёттор менен жардам берүү үчүн чектелген көлөмдө кургактык күчтөрүн жиберет.

2 – Америка өткөн жылы жай мезгилинен баштап муътадил оппозиция деп аталган топту т.а. өзүнө көз каранды болгон оппозицияны машыгуудан өткөрүүгө токтом кылды жана муну өткөн жылы күзүндө расмий түрдө жарыя кылды. Америка президенти Обама 2014-жыл, 13-июнда бул оппозицияны куралдантууга тиешелүү жашыруун иш-чараны тастыктады, бул чара Америка разведка агенттиги аркылуу ишке ашырылат. Обама муну 2014-жыл 20-сентябрда мындай деп жарыя кылды: «Вашингтон Сирия оппозициясына амалий жардам, ошону менен бирге аскерий жардам көрсөттү, бирок, бул жаңы аракет Сирия оппозициясы согушкерлерин курал-жарак менен камсыздайт жана аларды машыгуудан өткөрөт, ошондо алар күчтүүрөөк жана Сирия ичкерисиндеги террорчуларды тыйып коюуга

кудуреттүү болушат». (Ассошиэйтед Пресс агенттиги 2014-жыл, 20-сентябрь).

«Конгресс палатасы 2014-жылы 18-сентябрда президент Обаманын мына ошол планын тастыктаган» эле. Америка армиясынын башкы штабынын башчысы генерал Мартин Демпси мындай деди: «Талаа командачылыгы менден же коргоо министринен ирактыктарды же жаңы Сирия күчтөрүн колдоп-кубаттоо үчүн атайын күчтөрдү жиберүүнү талап кылган күндө бул биз президент Барак Обамадан талап кыла турган нерсе болот». (Скай Ньюс 2015-жыл, 5-март).

Америка мындан мурда мындай күчтөрдү түзүү жолуна өтпөстөн кырдаалды Женева-1 жана Женева-2 сыяктуу сүйлөшүүлөрү менен жайгарууга аракет кылган эле. Ушундай максатта коалицияны пайда кылып, аны козголоңчулар өкүлү кылып көрсөтүүгө аракеттенди. Бирок, бул коалиция Сириядагы адамдар массасы тарабынан кабыл алынбады жана ал Сирияда бир күчкө ээ болбоду, натыйжада Американын бул жааттагы аракети жокко чыкты. Ошондон кийин Америка сүйлөшүүчүлөрдүн позициясын күчөтүү үчүн өзүнө көз каранды болгон күчтөрдү пайда кылуу пикирине келди. Америка бул сүйлөшүүчүлөрдү кудум алар козголоңдун өкүлдөрү сыяктуу кылып көрсөтмөкчү. Ушундай максатта Америка муътадил Сирия күчтөрүн пайда кылуу идеясын кабыл алды. Буга жетишүү жана бул күчтөрдү режимге каршы согушка эмес, Америка долбоорлорун четке кагып жаткан козголоңчуларга каршы согушка салуу үчүн аларды өз колу менен машыгуудан өткөрөт. Ооба ушундай, Америка бул күчтөрдү режимге каршы согушка салбайт. Себеби, Сирия режими жана бул режимдин табакташтары Американын малайлары болуп эсептелишет. Бирок, Сирия калкы жана бул режимге каршы баш көтөргөн козголоңчулар Америка тарапта эмес, тескерисинче, алар Америкага каршы. Ошондуктан, Америка режим курамында жана анын айланасында болбогон адамдардан өзүнө малай болгон күчтөрдү пайда кылып, аларды ал жердеги бир күчкө айландырмакчы

жана аларды жаңы сүйлөшүүлөргө алып кирмекчи. Себеби, Америка качан гана башкалар иштерди жүргүзүүгө жана козголоңду өчүрүүгө кудуреттүү болгон жаңы малайларга айланганына көзү жеткенге чейин өзүнүн азыркы режимдеги эски малайларын алыстата албайт.

3 – Америка өзүнүн малайы болгон түрк режими менен ушул тууралуу бир келишимге жетишти. Себеби, Америка тышкы иштер министрлигинин өкүлү Жейн Псаки мындай деп билдирүү берди: «Биз Сирия оппозициялык топторун машыгуудан өткөрүү жана аларды камсыздоо үчүн Түркия менен принципиалдык жактан келишимге жетишкенибизди баса белгилешибиз мүмкүн». Ал дагы мындай деп кошумча кылды: «Биз мурдараак бул жерден туруп жарыя кылганыбыздай, Түркия Сирия муътадил оппозициялык күчтөрүн машыгуудан өткөрүү жана аларды курал-жарак менен камсыздоо программасына – бул программаны өз мамлекетинде өткөрүүгө ыраазылык берген мамлекеттердин бири болууга – ыраазылык берди, биз Түркия менен жакында келишим түзүүнү жана ага кол коюуну күтүп жатабыз» (Скай Ньюс 2015-жыл, 17-февраль). Бул келишим 30 офицерден турган Америка аскерий делегациясы мындан бир нече күн мурда Анкарага барып сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөндөн кийин жүзөгө чыкты. Америка коргоо министрлиги оппозициячыларды Саудия, Түркия жана Катардагы лагерлерде машыгуудан өткөрүү үчүн 400ден көбүрөөк аскер жиберишин жарыя кылды. Коргоо министрлигинин өкүлү Жон Кирби мындай деп билдирүү берди: «Бизде саудиялыктар менен иштей турган топ бар. Бул топ машыгуу программасына адистешкен имараттарды даярдоого, куралдантууга жана машыгуудан өткөрүлүп жаткандарды даярдоого байланыштуу бизге керектүү ресурстарды аныктоого аракет кылат». Башкы штабдын башчысы Мартин Демпси болсо мындай деген эле: «Бул программаны даярдоо баскычына 3 айдан 5 айга чейинки убакыт кетет, Сирия муътадил оппозициясынын 5000 согушкерин машыгуудан өткөрүү үчүн болсо 8 айдан 12 айга чейинки убакыт кетет, ошондо алар Ислам

мамлекети уюмуна каршы, кийинчерээк болсо Башар Асад режимине каршы согуша ала турган болушат». (Анадоли 2014-жыл, 16-октябрь). Америка тышкы иштер министрлигинин өкүлү Мария Харф болсо 2014-жыл, 10-октябрда мындай деп жарыя кылды: «Түркия Сирия муътадил оппозициясын машыгуудан өткөрүү жана куралдантуу аракеттерин колдоп-кубаттоого ыраазылык берди». (Рейтер 2014-жыл, 10-октябрь). Себеби, Саудия болсун же Түркия жана башкалары болсун, айырмасыз, бул регион мамлекеттерин Сириядагы кырдаал аябай тынсыздандырууда. Ошондуктан, бул мамлекеттердин бардыгы Сириядагы бул кырдаал жөнгө салынышын каалап жатышат, себеби, бул кырдаал аларга да таасирин тийгизет. Бул мамлекеттер Америка менен кызматташууда жана муътадил оппозиция күчтөрүн пайда кылуу фикратын колдоп-кубатташууда. үчурда бул мамлекеттер түрдүү жолдор менен козголоңду муунтуп таштоого да аракет кылышууда. Булардын бардыгынан көздөлгөн максат, козголоңдогу бардык калыс адамдарга сокку берүү жана ар кандай исламий долбоорду муунтуп таштоо.

4 – Мына ушундан келип чыгып, өткөн айда Америка менен Түркия ортосунда расмий кол коюу жүзөгө чыкты. Америка тышкы иштер министрлигиндеги бир жооптуу келишимге кол коюлган күнү т.а. 2015-жыл, 19-февралда Франс Пресс агенттигине мындай деди: «Бул кечте Анкарада келишимге кол коюлганын силерге баса белгилешим мүмкүн». Ага кол койгондор Түркия тышкы иштер министринин жардамчысы Феридун Синирлиоглу жана Американын Анкарадагы элчиси Жон Басс болду. Анадоли агенттиги 2015-жыл, 19-февралда Түркия тышкы иштер министри Давутоглунун төмөнкү сөздөрүн келтирди: «Эки тарап өз ара келишип алышкан документке кол коюшту, машыгуудан өткөрүлгөн оппозиция мүчөлөрү Сирия режиминин күчтөрүнө, ИШИМ террорчу уюмуна жана Сириядагы бардык террорчу уюмдарга каршы күрөшөт». Ал дагы мындай деди: «Биз ал тургай болгону алты аптага болсо да ок атууну токтотууну алкыштайбыз». «Түркия кабарлары» баракчасы 2015-жыл, 20-февралда

Түркия тышкы иштер министри Давутоглунун төмөнкү сөздөрүн келтирди: «Бул келишимден көздөлгөн максат, Сирия туурасындагы Женева билдирүүсү негизинде чыныгы саясий өзгөрүшкө жетишүү, терроризм жана экстремизмге каршы күрөштө жана Сирия оппозициясына коркунуч туудуруп жаткан бардык элементтерге каршы күрөшүүдө Сирия оппозициясын күчөтүү болуп эсептелет». Түркия тышкы иштер министри «... Катар жана Саудия Сирия оппозициясын машыгуудан өткөрүү жана куралдантуу программасын өз жерлеринде өткөрүүгө токтом кылганын жарыя кылганына» көңүлдү бурду. Рейтер 2015-жыл, 19-февралда ушул агенттикка интервью берген жана өздөрүнүн атын жашыруун калтырууну талап кылган үч америкалык жооптуунун төмөнкү сөздөрүн келтирди: «Машыгуудан өткөрүү март айынын ортосунда башталышы мүмкүн, алар муътадил Сирия оппозициясын колдоп-кубаттоо планы боюнча үч жылдын ичинде жыл сайын 5000ден сириялык согушкерди машыгуудан өткөрүшмөкчү». Ошентип, демек Түркия тышкы иштер министри, муътадил оппозиция деп аталып жаткан бул күчтөрдү машыгуудан өткөрүүдөн максат Женева негизинде саясий өзгөрүшкө жетишүү жана бул саясий өзгөрүштү четке кагып жаткан жана башка нерсени каалап жаткан калыс адамдарга сокку берүү экенин ачык жарыя кылууда.

5 – Демек, Америка долбоорлоруна каршы турган жана Сирияда таасирге ээ болгон күчтөргө сокку берип муътадил оппозиция деген малай күчтөр орнотулгандан кийин гана эски малайдын ордуна жаңы малай бийликке келет. Бул программаны толук ишке ашыруу үчүн үч жыл берилген. Демек, ошондо альтернативдүү (жаңы) малай даяр болот. Ушуга ылайык, демек учурда альтернативдүү малай даяр боло элек, сүйлөшүүлөрдүн активдүү жүрүшү болсо азыр жүз бербей жатат. Ошондуктан, күчтүүрөөк ыктымал боюнча сүйлөшүүлөр экстремист деп аталып жаткан күчтөргө сокку берилгенден кийин же бул күчтөр таасирсиз кылып коюлгандан кийин болот. Буга колонизаторлор үч жыл кетишин

болжолдоп жатышат, алар жыл сайын 5 миңден согушкерди машыгуудан өткөрүшмөкчү... Ушул айдын башында Эрдогандын Саудияга болгон сапары ушундай мазмунда болду. Себеби, маалымат агенттиктери Сирия маселеси Эрдоган менен сауддар ортосундагы талкуунун орду болгону жөнүндө жазышты. Экөөнүн ортосундагы талкууда муътадил оппозицияны күчөтүүгө аракет кылуу тууарасында өз ара келишип иш кылуу жана Америка талапкер кылып көрсөткөн болочоктогу альтернативдүү малайды колдоп-кубаттоо маселеси үстөм болду. «Түркия кабарлары» баракчасы 2015-жыл, 2-мартта түрк президентине көз каранды булактардан алып төмөнкү кабарды таркатты: «Саудия королу Салман ибн Абдулазиз Түркия президенти Режеп Таййиб Эрдоган менен 2015-жыл, 2-март күнү борбордогу королдун сарайында жолугушту, экөө Сирия оппозициясына берилип жаткан жардамды сезиле турган натыйжага алып бара турган көрүнүштө күчөтүү зарылдыгына келишип алышты». Т.а. бул эки мамлекет, Американын эки малайы: Салман Саудиясы жана Эрдоган Түркиясы муътадил оппозиция деген фикраттын ийгиликке жетишүүсүн каалап жатышат. Ошондуктан, бул эки малай сезиле турган натыйжага жетишүү үчүн өздөрүндөгү болгон мүмкүнчүлүк менен өз ара келишип иш кылуусу көрүнүп турат. Демек, азыр алар ушул күчтөрдү пайда кылуудан үмүттөнүшүүдө. Себеби, бул эки малай Сирия жери үстүнөн көзөмөл орното турган жана өзүнүн козголоң өкүлү экенин дааба турган бир малай күчтү пайда кылмайынча сезиле турган натыйжаларга эч качан жетише албастыктары жана пландары жокко чыгышы тууарасында Америка менен бир пикирде. Ушундай малай күч пайда кылынгандан кийин альтернативдүү малай маселеси ортого ташталат о.э. Женевага окшогон сүйлөшүүлөр жана конференциялар өткөрүлөт.

6 – Учурда Сирия жери үстүндө көзөмөлүн орноткон козголоңчулар күчүн жок кылуу үчүн Америка колдоно турган ыкмалардын бири – бул Америка тандаган күчтөрдү машыгуудан өткөрүүгө убакыт берүү үчүн согуштарды токтотуу. Себеби, ошондо бул күчтөр муътадил болбогон

«экстремист» күчтөрдү жеңип, алардын ордун ээлөөгө кудуреттүү болот. Ошол эле убакта согуштарды токтотуу, топтордун бири-бирине каршы согушуусуна алып барат. Бул болсо, алардын күчүн алсыратат, натыйжада мына ушул жеңилүүгө салым кошот. Ошондуктан, колонизаторлорго Америка планына ылайык согуштарды «согушту тоңдуруп коюу» деген чүмбөт астында токтотуу зарыл болуп калды. Себеби, ошондо Америка өзү машыгуудан өткөргөн муътадил күчтөрдү жайгаштыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот жана мына ошондон кийин режим менен муътадил оппозиция ортосунда сүйлөшүүлөр башталат. Америка муну БУУнун өкүлү де Мистуранын тили менен айтууда. Де Мистура түпкүлүгүндө Американын өкүлү болуп эсептелет жана Америка долбоорун көтөрүп чыгууда. Себеби, де Мистура Дамаскта эки күн болгондон кийин мындай деди: «Президент Асад чечимдин бир бөлүгү болуп эсептелет, ошондуктан, мен аны менен маанилүү талкууларды улантамын, ал дагы деле Сирия президенти болуп турат... Бул жерде Сирия өкмөтү да бар, Сириянын бир чоң бөлүгү дагы деле ушул өкмөттүн көзөмөлүндө». Ал дагы мындай деди: «Жападан-жалгыз чечим – бул саясий чечим, бирер келишим жок болуп турган шартта кырдаалдан пайдаланып кала турган тарап Ислам мамлекети уюму» (АФП 2015-жыл, 13-феврал). Демек, Америка де Мистуранын тили менен Башарды президент катары тан алууда, аны менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзмөкчү болууда жана чечимди саясий кылып коюуда. Ошондуктан, Америка өзүнүн малайы Башарга каршы согуштарды токтотмокчу болууда. Бул болсо, Америка Башардын тагдырын азыр эмес, тескерисинче өзү машыгуудан өткөрө турган мына ушул күчтөр көлөкөсүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөндөн кийин чечмекчи экенине далалат кылат. Себеби, Америка согуштарды токтотууга жана өзүнө көз каранды муътадил күчтөрдү Сирия үстүнөн өкүмдар кылууга жетишпей туруп бул эски малайын кулатууну каалабайт. Америка өзүнүн мына ушул максаттарына жетишкенден кийин альтернативдүү малайды

ортого таштайт жана режим менен муътадил оппозиция ортосунда сүйлөшүүлөр жаңыдан башталат.

7 – Тыянак: Биз альтернативдүү малай даяр болуп калды жана Башардын эсептелүү күндөрү калды, - деп айта албайбыз. Тескерисинче көрүнүп турган нерсе ушул, Башар сүйлөшүүлөр жаңыдан башталып кырдаалды кайрадан калыптандыруу боюнча келишимге түзүлгөнгө чейин бул баскычта калып турат. Себеби, Америка даярдоого аракет кылып жаткан муътадил күчтөр кыска убакытта даяр болбойт, тескерисинче, аларды даярдоо эң эле жок дегенде бир жылга созулат. Т.а. 5 миң согушкер даярдалып биринчи баскыч аяктагандан кийин Америка согуштарды токтотууга аракет кылат. Себеби, ошондо бул күчтөр ичкериде бар болуп туруууга даяр болот жана өз ишин «экстремист» деп аталып жаткан аракеттер менен алек болуу менен башташат. Мына ошондон кийин Американын режимдеги жана муътадил оппозициядагы малайлары ортосунда сүйлөшүүлөр жаңыдан башталат. Ошондон кийин альтернативдүү малай ортого ташталып, эки тараптан турган өкмөт түзүлөт жана мунун тартип-чаралары жүргүзүлөт.

Бул Американын о.э. анын малайлары жана союздаштарынын планы, бул алардын айла-амалдары... Бирок, Аллахтын ушундай чыныгы эр кишилери болгон пенделери бар болуп, алар Аллах Субханахунун жана Расулу агабиз жашап жаткан мына бул зордукчул падышалыктан кийин рошид Халифалык тикелениши жөнүндөгү убадасы жана башаратын жүзөгө чыгаруу үчүн калыс Аллах Субханахунун ыраазылыгын көздөп жана Расулуллах с.а.в.га ишенимдүү болуп күнү-түнү дебестен олуттуу аракет кылып жатышат... Рошид Халифалык тикеленген күндө бул колонизаторлордун айла-амалдары чаң-тозоң сыяктуу желге учуп кетет.

***«Чындыгында, алар өздөрүнүн айла-амалдарын кылышты.*** *(Бирок)* ***эгер алардын айла-амалдары себептүү тоолор жемирилип***

***кете турган болсо да, алардын*** *(бул)* ***айла-амалдары Аллахтын алдында*** *(маалым)****»*** [14:46]

**22-жумадул-аввал, 1436-х.**

**13-март, 2015-м.**

## Сирия чегараларына Түркия күчтөрүнүн топтолушу

**Суроо:** *«Кабар 7» сайтынын билдиришинче, 2015-жыл, 9-июль бейшемби күнү Түркия президенти президенттик сарайда чет мамлекеттердин Анкарадагы элчилерине ипмарлык кылып берди. Иптарлыкта ал Сирия ичкерисиндеги ар кандай демографиялык өзгөрүштү кескин четке кага тургандыгын билдирди. Муну менен ал өзүнүн 26-июнда «Анадолу» маалымат агенттиги чыгарган мурунку билдирүүсүн баса белгиледи. Ал бул билдирүүсүндө: «Биз түштүк чегараларыбызда т.а. Сирия түндүгүндө жаңы бир мамлекет курулушуна эч качан жол бербейбиз, бул канчалык кымбатка түшсө да, бул жолдо күрөшүбүздү улантабыз», - деген эле. Андан кийин «Сирия жана Иракта жүз берип жаткан окуялар региондо жаңы Сайкс-Пико түзүмүн жаратууга аракеттенүү болуп, мында ички коомдук пикирди Түркияга каршы козгоо көздөлгөн» деди. Мунун артынан маалымат каражаттарында Түркиянын коргонуу күчтөрүн көбөйтүшү тууралысындагы кабарлар таркатылды.... Суроо мындай, жүз берип жаткан бул иштер эмнени түшүндүрөт? Түркия Сирия түндүгүнө аскерий аралашууга иш жүзүндө киришүүсү мүмкүнбү? Же мындан башка максат барбы? Аскерий аралашууга карата Американын позициясы кандай?*

**Жооп:** Жооп аныгыраак болушу үчүн төмөнкүлөрдү айтып өтөбүз:

1 – Чындыгында эле Түркия президенти «Биз түштүк чегараларыбызда Сирия түндүгүндө жаңы бир мамлекет курулушуна эч качан жол бербейбиз, бул канчалык кымбатка түшсө да, бул жолдо күрөшүбүздү улантабыз», «Сирия жана Иракта жүз берип жаткан окуялар региондо жаңы Сайкс-Пико түзүмүн жаратууга аракеттенүү болуп, мында

ички коомдук пикирди Түркияга каршы козгоо көздөлгөн» («Анадолу» маалымат агенттиги 2015-жыл, 26-июнь) деген сыяктуу билдирүүлөрдү берди. Кийин 2-июлда Түркиянын премьер-министри Ахмад Давутоглу «Кабар 7»ге «Биз чегараларыбызды коргоо үчүн керектүү болгон чараларды көрдүк, качан өлкө коопсуздугуна коркунуч туудуруучу бирер кырдаал жүз бергидей болсо, аракетке өтүүгө буйрук берилген, эч ким «Түркия эртеби кечпи аскерий аралашууга киришет» деген күмөнгө барбасын» деди. Эртеси күнү Конья ТВга берген интервьюсунда мындай деди: «Түркия Сирия иштерине дароо иш жүзүндө аралашат деп күмөн кылуу туура эмес, бирок, Түркия Сирия тарабынан болушу мүмкүн болгон ар кандай коркунучка даяр абалда турат жана бардык окуялардын өнүгүшүн жакындан күзөтүп баруудa». Дагы: «Эч ким бизди авантюрага алданат деп ойлобосун», - деди.

2 – Ушундай көрүнүштө кээде аралашуу туурасында, кээде аралашпастык туурасында билдирүүлөр жаңырууда. Мунун артынан бир билдирүүнү четке каккан карама-каршы билдирүүлөр жаңырды. Мисалы, түрк тилинде чыгуучу Хуррият журналынын 2015-жыл, 5-июлдагы санында «Башкы штабдын Булу жана Кайсери вилаяттарындагы талаа комнадирлери менен чегара бөлүктөрүнүн командачылары чакыртылып, алар менен Түркия-Сирия чегарасындагы окуялар өзгөрүшү артынан өткөрүлүшү мүмкүн болгон ыктымалдуу аскерий операция туурасында кеңешилгени» кабарланды. Бирок «Анадолу» маалымат агенттигинде 2015-жыл, 6-июль күнү аскерий булактардын муну четке кагуучу билдирүүсү таркатылды. Ага ылайык, аскерий башкы штаб «чегарадагы окуялар өзгөрүшү артынан чегара кошуундары менен атайын күчтөр кошуундары командачыларынын башкы штабга чакырылганы туурасындагы сөздөр чындыктан алыс, анда айтылган бул түрдөгү жолугушуу болгон жок о.э. бул тууралуу пландар да жок» деп бул кабарды четке каккан.

3 – Мына ушундай карама-каршы, а бирок, абдан эсеп-китеп менен берилип жаткан билдирүүлөр фонунда аскерий билдирүүлөр да жаңырды.

Мисалы, маалымат каражаттарында Сирия чегараларына кошуундар жайгаштырылып жатканы, Түркия бул түрдөгү аралашууга кошумча жардам катары аскерий аба күчтөрү жана 400дөн ашуун бронетранспортер тартканы, Түркия Халаб шаарынын түндүгүндөгү согуштар күчөшүнүн артынан чегараларга 54 миңден ашуун аскер, танктар жана зениттик ракеталарды жайгаштыруу аркылуу коргонуу күчтөрүн бекемдегени кабар кылынды. Кабарлар ушуну менен аяктабады. Ал тургай, Түркиянын аскерий аралашуусу Сирияга көз тигип гана калбастан, кадам да таштап жаткандай көбүртүп-жабыртуучу кабар даражасына да жетти! Айрым маалымат каражаттары Түркиянын келечек пландары менен байлданыштуу расмий чөйрөлөр тарабынан атайын даярдалган кабарларды чыгарды. Мисалы, түрк тилинде чыгуучу Ени Шафак гезитинин 2015-жыл, 28-июндагы санында мындай кабар басылып чыкты: «Түркия башкы аскерий штабы Сирия түндүгүндө күрт мамлекети тикеленишине же анын реалдуу маселе катары тыгыштырылышына жол бербестик максатында Сирияга аскерий аралашуута тиешелүү аскерий план түздү. Бул план Сирия ичкерисине 28-33 км. кирген, 110 км. узундуктагы буфердик зона жаратууну өз ичине алган. О.э. эл аралык коомчулук колдоп-кубаттоого жетишилгенден кийин Сирияга эки жыл мөөнөткө 18 миң аскер жиберүү планын да өз ичине алган. Эгерде эл аралык коомчулук ыраазы болбосо, кудум Израиль Ливандын түштүгүндө кылганы сыяктуу Түркия да өзү эгемендүү буфердик зона жаратууну көздөй кадам таштайт».

4 – Ушул кабарларды жана башка окуялар агымын жакшылап пикирлеген адамдын көзү жете турган нерсе, булардан амалий аскерий аралашууга караганда көбүрөөк Түркия ичкериси максат кылынган. Мунун себептери төмөнкүдөй:

а) Түркия өкмөтү өзүнүн аскерий даярдыктарына Сирия түндүгүндө күрттөрдүн өнүгүшүн колдоп жаткан болсо да, бирок, алардын өнүгүшүнөн өз максаттарында пайдаланган. Мисалы, ушул өкмөттүн өзү Пешмергага

Түркия жерлери аркылуу Айнул Араб-Кобаниге кирип алышына уруксат берди. Белгилүү болгондой, Пешмерга ал жерге кирүүдөн күрттөр менен биргеликте согушуп, аларга жардам берүүнү о.э. Талл Абяз шаарын ээлөөнү максат кылган эле. «Кабар Түрк» гезитинин 2015-жыл, 4-июлдагы санында бир кабар жарык көрдү. Анда гезит кабарчылардын бири мындай дейт: «Биз кечээ бир топ журналисттер түрк өкмөтүнүн жогорку даражалуу жооптуусу менен жолугуштук жана жолугушууда өкмөт Демократиялык Биримдик партиясынан өзү үчүн максат катары таптакыр пайдаланбастыгына көзүбүз жетти».

Жооптуунун баса белгилешинче, Демократиялык Биримдик партиясынын Африн жана Кобанини байланыштырып туруучу регионду көзөмөлгө алышы т.а. күрттөрдүн Түркияга өтүүсү үчүн өтмөк жаратуу ыктымалы бүгүнкү баскычта эсепке алынбай турган маселе болуп эсептелет». Ал дагы мындай деди: «Демократиялык Биримдик партиясынын Талл Абязды көзөмөлгө алышы Түркия кызыкчылыгы болуп эсептелет, бирок Демократиялык Биримдик партиясынын фатхтар принциби негизинде өкүмдарлык кылып жаткан региондорундагы иш-аракеттерине келсек, бул нерсе региондо орточо жана узак мөөнөттүү жаңжалдарды, проблемаларды келтирип чыгарышы мүмкүн». Т.а. түрк өкмөтү менен Сирия түндүгүндөгү күрттөр ортосундагы мамиле аскерий операцияны пайда кыла турган даражада суук эмес.

б) Америка Сирияга кургактыктан жүргүзүлө турган аскерий аралашуу туурасында дагы деле токтом кабыл алган жок. Ал дагы деле Сирияда эски малайдын ордуна кимди жаңы малай кылуу туурасында изденүүдө. Сириядагы калыс кыймылдаранын ушуга чейинки аракеттерин жокко чыгарышты жана бул калыс кыймылдар анын аракеттерин жокко чыгарууну улантышын Аллахтан сурайбыз. Качан гана Америка аскерий операцияга ыраазы болмоюнча (же ушуга буйрук кылмайынча) Эрдоган жана

анын өкмөтүнүн билдирүүлөрү куру кыйкырыктардан нарыга өтпөстүгүн вакиъ көрсөтүп турат. Буга көп нерсе күбө:

– Түрк өкмөтү Сирия ичкерисинде тынч же коопсуздук зоналарын жаратууну Америкадан көп жолу суранды, а бирок, ал ыраазы болбоду. Давутоглу 2014-жылдын октябрь айында 4 метрлик кургактык жолун алуу аркылуу буфердик зона жаратуу ыктымалы бар экендиги туурасында сүйлөдү. Бул сызык Латакиядан Хасакага чейин созулуп, узундугу 720 км.ге, кеңдиги 70 км. Сирия ичкерисине кирген т.а. Сирия жерлеринин үчтөн бирин түзөт. Ал эми Америка муну четке какты жана ал ишке ашпай калды... Жакында Түркиянын жээк көрүнүшүндө коопсуздук зоналарын жаратуу үстүндө изденип жатканы туурасында сөздөр пайда болуп калды. Жээктин биринчи учу Жароблуста башталса, экинчиси Айнул Арабда аяктайт. Жергиликтүү макалаларда Курдистан Демократиялык Биримдик партиясы Түркиянын чегара аймактарында өкүмдар болушунун артынан түрк президенти Эрдогандын чегараларда буфердик зона жаратууну үйрөнүп жатканы кабарланды. Ошондо Америка өзүнүн маалымат өкүлү Жон Кирби аркылуу буга раддия билдирди: «Пентагон да, Америка армиясы да, НАТО да учурда буфердик зона жаратууга муктаждык сезбей жатат жана ошол себептен улам кыйынчылыктар болууда, бирок биз Түркиянын өз чегараларынан тынчсызданып жатканын түшүнөбүз» (Рейтер 2015-жыл, 30-июнь). Түрк өкмөтү Америкадан кескин четке кагуучу жоопту алгандан кийин, мындай кыжалатчылыктан өзүн алып качууга аракеттенди: 2015-жыл, 30-июнда премьер-министрдин жардамчысы Иброхим Калин мындай деди: «Бул жерде биздин чегараларыбыз коопсуздугун камсыздоо үчүн көрүлүп жаткан иш-чараларды «Түркия согушка кирип жатат» деп түшүндүрүү акыйкатка туура келбейт». Дагы мындай деди: «Биз буфердик зона каалайбыз деген сөздү эч качан айтпаганбыз, тескерисинче биз учууга тыюу салынган коопсуз зонаны каалашыбызды айтканбыз, ошол себептен коопсуз зона жаратуу зарыл» (Анадолу 2015-жыл, 30-июнь). Бирок, Түркия дагы деле

коопсуздук зонасын да, Буфердик зонаны да жарата албады, себеби буга Америка ыраазы болбой жатат!

– О.э. Эрдогандын «экинчи Хама» кайталанышына таптакыр жол бербестиги туурасындагы билдирүүсү. Бул билдирүүгө бир топ убакыт болду жана унутулайын деп калды! Ошого карабастан, кылмышкер Асад режими Америка жагып койгон «жашыл чырак» негизинде, Россиянын колдоп-кубаттоосу астында, Иран жана анын Ливандагы Хизбулласынын түздөн-түз аралашуусу менен шаарма-шаар кыргын кылууну улантып, экинчи Хама тургай, үчүнчү жана төртүнчү Хамаларды келтирип чыгарууда, бардык тарапты кыйрандыга айлантууда... Ушулардын бардыгына карабастан, ага каршы Эрдоган жана анын режими эч нерсе кылган жок. Себеби, анын каалоосу Америка каалоосуна байланган, Америка анын билдирүүлөрүн жүзөгө чыгарышына дагы деле уруксат бербей жатат. Бул билдирүүлөрү Аллахтын тулпарларынын туяктары шамалында калган чаң сыяктуу жок болуп кетти... чындыгында (риваятта айтылгандай) бүгүн Анкара-Умурияда Муътасимдерди жана Стамбул-Константинопольдо Фатихтерди кайрадан пайда кылуу үчүн Аллахтын тулпарлары «келгиле мени мингиле да, Аллахка шыктангыла», деп турушат...!

5 – Ошентип бул аскерий даярдыктан максат, иш жүзүндө Сирияга кирүү эмес. Бул үчүн Американын өз кызыкчылыгына карай уруксат бериши шарт. Мен туура деп билгеним ушул, бул аскерий даярдыктан максат, жергиликтүү коомчулуктун пикирин тартуу. Мындан төмөнкүлөр этибарга алынган:

а) Жогоруда айтканыбыздай премьер-министрдин билдирүүсүнөн ачык көрүнүп турган нерсе, Түркиянын Сирияга аскерий аралашкысы жок жана муну авантюра деп эсептейт. Бирок, ал Сириядан келиши мүмкүн болгон ар кандай коркунучка каршы күрөшүүгө даяр турат. Т.а. президент Эрдоган тилге алган Сайкс-Пико чегараларын бузууну эмес, тескерисинче өз чегараларын коргоону каалап жатат.

б) Сирияда күрттөр мамлекети тикеленишинен тынчсызданууучу добуштар Түркия ичкерисинде кулакка даана угулуп калды. Мындай добуш ээлери эгерде бул мамлекет тикелене турган болсо, Курдистан Жумушчулар партиясын Түркияга каршы кайрадан аскерий операция жүргүзүүгө кайраттандырып коёт деген пикирде. Чындыгында, 2013-жылдын март айында алардын Түркия ичкерисиндеги аскерий операциялары токтоп калган эле. Ошондо партия жетекчиси Ожалон камактан туруп, согушту токтотууга жана куралдуу партиясын Түркиядан тышкарыга чыгып кетип, ошол жерде тынч куралсыз ишмердүүлүк жүргүзүүгө чакырган эле. Ошондуктан, бул аскерий даярдык дал ушул тынчсызданууучу добуштарды тынчытып турууга да кызмат кылат.

в) Эрдоган шайлоолордо көп добуш ала албады, анын Сириядагы туруксуз позициясын каралоочу оппозициялык добуштар күчөп кетти, анын үстүнө эгерде Давутоглунун мыйзамда белгиленген убакыттын ичинде өкмөттү түзүү колунан келбей турган болсо, мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүү ыктымалы анығыраак болуп калды. Ушулардын бардыгы Эрдоган жана Түркия өкмөтүн кудум өкмөт өз коопсуздугуна кайгырып жаткандай жана кудум Түркия дагы деле кубаттуу мамлекеттей көрсөтүүгө мажбур кылды. Ал ошону менен өзүнө карата оң көрүнүштөгү коомдук пикир пайда кылып аламын деп ойлоп жатат.

Кыскасы, бул иштер жана аскерий даярдык Сирия түндүгүндө иш жүзүндө аскерий аралашуу жүз беришине караганда көбүрөөк ички коомдук пикирди пайда кылууга жана тынчтандырууга каратылган. Бирок, качан Америка Түркиянын аралашуусу өзүнүн Сириядагы планына кызмат кылат деген пикирге келип калса, бул даярдык иш жүзүндөгү аралашууга айланышы мүмкүн... Биз кудурети кең Аллахтан Америка жана анын малайларынын пландарын жокко чыгарып, бирер жакшылыкка жетише албаган абалда артка кайтарып таштаашын сурап дуба кылабыз.

**26-рамазан, 1436-х.**

**13-июль, 2015-м.**

## Сирия майданындагы акыркы окуялар. Париждеги чабуулдардын аларга тиешеси барбы?

**Суроо:** *Сириядагы абал, айрыкча орустардын Сирияга каршы жырткычтык баскынчылыгынан кийинки абал Америка, Россия, Сирия жана булардан башка мамлекеттердин самолёттору үчүн аскерий майданга о.э. аскерий күрөшкө айланып калды. Ошол эле учурда Вена-1, Вена-2 жана Вена-3 сүйлөшүүлөрү о.э. экинчи даражалуу сүйлөшүүлөр да күчөдү. Менин суроом төмөнкүдөй: Эмне үчүн бул самолёттор ортосунда асманда аскерий кагышуу жүз бербеди? Себеби, алар түрдүү мамлекеттерге караштуу эмеспи? Эмне үчүн аскерий иштер активдешүүсү менен бир учурда саясий иштер күчөшү да жүз берди? Сирия маселеси боюнча күтүлүп жаткан чечим эмнеден турат? 2015-жыл, 14-ноябрда Вена-3 сүйлөшүүлөрү өткөрүлүшүнөн бир нече саат мурда т.а. Парижде 2015-жыл, 13-ноябрь, жума күнү жүз берген чабуулдардын Сирия маселеси боюнча күтүлүп жаткан чечимге таасири барбы? Же бул чабуулдардын бул маселеге алакасы жокпу жана сүйлөшүүлөр менен чабуулдардын бир мезгилге туура келип калганы бир кокустук болдубу? Мен жооп беришиңизди суранамын. Бирок, саясий талдоого өтө киришип кетпей, мага жана адамдардын көпчүлүгүнө жеңил түшүнүктүү болгон жөнөкөй жоопту беришиңизди суранамын. Аллах сизге бүт жакшылыкты тартууласын.*

**Жооп:** Жооп берүүнү суроодогу акыркы сөзүңүздөн баштаймын. Эгерде жооп жөнөкөй болсун дегенден анын эч кандай күңүрттүк болбогон анык болушу, ачык-айкын далалаттуу сөздөр менен болушу назарда тутулуп жаткан болсо бул – баракча болобу, же баянат болобу, же суроого жооп болобу, айырмасыз – биз чыгарып жаткан басылмалар айырмаланып туруучу өзгөчөлүктөр. Ал эми эгерде жооп жөнөкөй болсун дегенден көздөлгөн максат маселелердин мазмундары жана натыйжаларын үйрөнүп чыкпастык,

алардын вакиъсин жана себептерин терең билип албастык болсо, анда бул саясий кризистерде болбойт т.а. саясий кризистерде мындай жандашылбайт. Себеби, жооп көбүрөөк чын же туура деп күмөн кылына турган маалыматтар негизине курулушу керек. Бул (т.а. күмөндө чын же туура деген раъй үстөм болушу) болсо – эгерде вакиъ, анын факторлору, себепкерлери, ага тиешелүү далилдер үйрөнүп чыгылбай турган болсо – туура болбойт. Биз өзүбүз чыгарып жаткан басылмаларда мындан сактанабыз, жооптун туура болушуна күчүбүз жетишинче катуу аракет кылабыз. Бул жоопту окуп чыгуу менен биздин райыбыз, инша Аллах, чын жана туура экендигин ыктымал анык билип аларсыз. Суроолоруңуздун Жоопу төмөнкүдөй:

**Биринчи: Самолёттордун кагышпай жатканы темасы:**

Туура, бул мамлекеттер – аталышы да, позициялары да ар түрдүү болгон мамлекеттер. Бирок, Сириядагы кризис темасында алардын «мугалими» бирөө. Ошондуктан, пландар жана ал тургай фитна жиптери да анык белгиленген. Муну сизге төмөнкүдөй түшүндүрөмүн:

1 – Сириядагы режим жөнүндө айта турган болсок, ал Американын ишенимдүү малайы. Башар доорунда да, анын атасы доорунда да бул режим Американын ишенимдүү малайы болуп келди жана ушундай болуп калууда. Себеби, бул режим Америка кызыкчылыктарын жана яхудий мамлекетинин кызыкчылыктарын коргоп келе жатат. Хафиз Асад Жолон дөңсөөсүн таштап чыгып, аны яхудийлерге кош-колдоп тапшырды, кырк жыл бою аны яхудийлер үчүн тынч аймакка айландырды. 1991-жылы экинчи Булуң согушу учурунда Америка коалициясында катышты. Региондо Америка башкарып жаткан сүйлөшүүлөр жана тил бириктирүүлөрдө бул режим Америка саясатына тынымсыз көрүнүштө бүтүндөй моюн сунган малайлардын бири болуп келди... Мына ушулардан келип чыгып айтуу мүмкүн болгондой, Сирия авиациясынын адамдарга чабуул кылышы Америка саясатынын алкагында болот. Ошондуктан, Сирия самолёттору Америка самолётторуна жакын жолобойт. Тескерисинче, сызып берилген пландын алкагында өзүнүн

милдетин аткарат. Өткөн жылы Сирияда Америка коалициясынын аскерий операциялары башталган кезде бул операциялар башталышы тууралуу режимге маалымат берилгени жөнүндө кабар таркады. Булардын бардыгы ашыкча түшүндүрүп отурууга зарылдык калтырбайт.

2 – Орустардын Сирияга кылган баскынчылыгына келсек, ал Америка менен келишүү негизинде жана эки тараптын самолёттору ортосунда аракеттерди өз ара ылайыкташтыруу менен болууда. Биз муну ушул маселе боюнча 2015-жыл, 11-октябрда чыгарган баракчабызда анык баяндаган элек. Андан ушуга тиешелүү кээ бир нерселерди сизге келтирип өтөмүн: «... Бүт балээнин баары мына ушунда. Себеби, Америка өзүн сыртынан козголоңчулар менен бирге кылып көрсөтүүдө. Ошондуктан, козголоңчуларга каршы ачык согушуу Америка үчүн кыйын. Козголоңчулар болсо режимге зыян жеткиришти. Американын эски малайынын ордуна келе турган жаңы малайы болсо азырынча «бышып-жетиле элек». Ошондуктан, Россиянын колу менен мына ушул ыпылас оюн башталды. Россиянын ролу режимди ачык-айкын колдоп-кубаттоо жана козголоңчуларга каршы ачык согушуу. Козголоңчуларга каршы согушуу үчүн Россиянын актоочу шылтоосу бар. Ошондуктан, режим Американын буйругу менен Россияны жардамга чакырууга даяр турду жана ошондой да болду. Себеби, Россия Сирияда Америкага кызмат кылуу үчүн бул карамүртөз, ыпылас ролду ойноого ыраазы болду! Орус авиациясынын абадан, деңизден жана ал тургай өздөрүнүн базаларынан туруп кургактыктан ишке ашырып жаткан чабуулдары Америка менен келишүү негизинде болуп жатат. Эки мамлекеттин аскерий самолёттору бир асманда уча турган болсо, бул учуу же эки мамлекет ортосундагы келишүү менен болот, же эки душман катары алардын ортосундагы согушта болот. Мында экөө ар кандай согушта болгону сыяктуу эле, бир-бири менен кагышат, бири-бирине ракета атат. Мындай болбосо экөө достор катары бир максатка жетишүү үчүн асманда өз ара кызматташат. Эки тарап берип жаткан билдирүүлөр бул кызматташтыкты

далилдеп турат: «Россиянын тышкы иштер министрлиги өзүнүн электрондук сайтында 2015-жыл, 8-октябрь күнү жарыя кылган билдирүүдө «Россия президенти Путин жана анын америкалык кесиптеши Барак Обаманын БУУнун Башкы Ассамблеясынын жыйынынан тышкары жолугушууларынын аягындагы сунушка ылайык эки мамлекеттин тышкы иштер министрлери Сириядагы абалды жөнгө салуу жолдорун талкуулашууну аягына чыгарышты. Ошону менен бирге, Сирия асманында окуялар жүз беришинин алдын алуу жана Сирия боюнча саясий чечим иш-чарасын 2012-жыл, 30-июндагы Женева билдирүүсүнө ылайык күчөтүү зарыл экендиги да талкууланды», - деп билдирди. Билдирүүдө эки министрдин «Украина боюнча 12-февралда кол коюлган Минск келишимдерин ишке ашыруу кадамдарын көрүп чыгышканы» да айтылды». Мен төмөнкү маалыматтарды да кошумча кыламын:

а) Россиянын 2015-жыл, 30-сентябрда Сирияга баскынчылык кылышынан мурда Обама жана Путин 2015-жыл, 29-сентябрда жолугушту жана бул жолугушуу 90 минутка уланды. Жолугушуунун биринчи бөлүгүндө Украина проблемасы талкууланган болсо, калган бөлүгүндө эки президент бүтүндөй көңүлүн Сириядагы кырдаалга қаратышты. Бул жолугушуунун натыйжалары тез эле көрүнүп калды. «2015-жыл, 30-сентябрда Россиянын Мамлекеттик Думасы Путиндин Сирияда орус аскерий аба күчтөрүн колдоо туурасындагы талабын бир добуштан макулдады». (Русиял Явм 2015-жыл, 30-сентябрь).

б) Ал тургай, Россиянын Сирияда көптөгөн позицияларга сокку бериши да Америка менен болгон келишүү негизинде болду. Себеби, Си-Эн-Эн 2015-жыл, 4-октябрда төмөнкү кабарды таркатты: «Орус армиясынын башкы штабынын аскерий жооптуусу генерал Андрей Картаполов 2015-жыл, 3-октябрь күнү кечинде «Сирияда орус аскерий аба күчтөрү тарабынан бутага алынган региондордун террорчулар жайгашкан аймактар экендиги туурасында бир аз убакыт мурда Америка аскерий командачылыгы

тарабынан Москвага кабарланган болчу» деп билдирди. Орустардын ТАСС агенттиги билдиришинче, бул жооптуу «АКШ өз ара байланыштар аркылуу бизди бул региондордо террорчулардан башка эч ким жоктугу туурасында эскерткен эле» деп да билдирди».

в) Россия жана Америка самолёттору ортосунда Сирия асманындагы аракеттердин ылайыкташтырылганы. Муну, ал тургай машыгуу деп да аташты: «Америка коргоо министрлиги «Пентагон» 2015-жыл, 3-ноябрда төмөнкүлөрдү билдирди: Американлыктар жана орустар өздөрүнүн Сирия асманында операцияларды өткөрүп жаткан самолётторуна ар кандай окуянын алдын алуу үчүн түздөн-түз байланышуу мүмкүнчүлүгүн бере турган механизмди сыноодон ийгиликтүү өткөрүштү. Пентагондун маалымат катчысы Жефф Дэвис «шейшемби күнү Америка самолёттору орус самолёттору менен биргеликте даярдап коюлган байланыш каражатын Сирия асманында сыноодон өткөрдү» деди. Ал бул сыноонун «үч мүнөт» уланып «өз максаттарына жетишкени»не көңүлдү бурду». Өз кезегинде орус маалымат агенттиги да Россия куралдуу күчтөрү генералынын: «Америка жана орус аскерий аба күчтөрү Сирияда шейшемби күнү биргеликте машыгуу өткөрдү», - деген сөздөрүн келтирди. (Арабийя Нет: 2015-жыл, 3-ноябрь).

Ушуга ылайык, демек Америка жана орус самолёттору бардык тараптан тынч болгон асманда аракет кылууда: Америка авиациясы Сирияда тогут режимге кабарлап коюп бомбалап жаткан болсо, орус авиациясы да Сирия режимине кабарлап коюп бомбалап жатат. Орус самолёттору Сирия асманында Америка менен болгон келишүү негизинде ызгып жүрөт. Бул ызгып жүрүү Америка жана Россия аскерий аба күчтөрүнүн аракеттерди толук ылайыкташтырышы негизинде болууда. Ошентип, демек кагышуу күтүлбөйт. Себеби, Сирия асманында ызгып жаткандар бири-бирине дос. Алардын бүтүндөй айла-амалы Ислам жана мусулмандарга каршы каратылган.

﴿قَاتَلَهُمُ اللَّهُ أَنَّى يُؤْفَكُونَ﴾

***«Аларды Аллах наалаттасын! Кандай гана адашууда!»*** [9:30]

А бирок, эгерде экөөнүн ортосундагы союздаштык бузулса ошондо кагышуу болот.

**Экинчи: Саясий иштердин аскерий иштер менен бир учурда болуп жатканы:**

Белгилүү болгондой, Сириядагы режим Американын малайы. Ошондуктан, Америка Сирияны өзүнүн кызыкчылыктарына кызмат кыла турган регион деп эсептейт. Америка азыр Башар алда качан эле кулаганын же кулоого жакын келип калганын, ошондуктан Америка кызыкчылыктарына кызмат кылууга жарабай турган бир абалда болуп калганын жакшы түшүнүп турат. Ошол себептен улам, Америка анын ордун баса турган жаңы малайды издеп жатат жана бул жаңы малайды таба элегинде эски малайы кулап кетишинен коркуп жатат. Ошондуктан да Америка эски малайын түрдүү ыкмалар менен, ошону менен бирге, аскерий иштер менен да колдоп-кубаттап жатат. Америка мунун менен төмөнкү эки ишке жетишмекчи:

Биринчи иш: Тогут Башарды – Америка анын ордуна жаңы малайды тапканга чейин кулабастыгы үчүн – колдоп-кубаттоо. Америка анын ордуна жаңы малайды тапса ошондо боштукту Американын эсептерине туура келбей турган көрүнүштө толтуруу жүз бербейт. Экинчи иш: Сирия калкына тынымсыз басым өткөрүп, аларды Американын коалиция жана ал муътадил деп атап жаткан топторду о.э. режимдин кээ бир жардамчыларынан турган куурчак альтернативаны кабыл алууга мажбурлоо.

Ошондуктан, Америка Сирияда башчылык кылып жаткан аскерий иштердин ыкмалары ар түрдүү болду. Ирандын, же анын Хизбинин, же Иран жардамчыларынын, же жакында бастырып кирген орус күчтөрүнүн ыкмалары ар түрдүү болсо да, бардыгы мына ушул багытка кызмат кылышат. Т.а. эң оболу Америка кызыкчылыктарын жүзөгө чыгарып турган жана

Россияны да жаза-чараларын жеңилдетүү жана Украина маселеси боюнча ыраазы кыла турган саясий ишке чөйрө даярдоого кызмат кылат. Саясий чөйрөнү даярдоо үчүн аскерий иштер ушундай көрүнүштө күчөтүлүп жатат. Окуялар жараянын күзөтсөк бул иш ачык-айкын болот. Себеби, аскерий операциялар уланып жаткан бир мезгилде жолугушуулар да удаама-удаа болууда:

– 2015-жыл, 23-октябрда төрттүк: Россия, Кошмо Штаттар, Саудия жана Түркия ортосундагы биринчи жолугушуу болду. «Россиянын тышкы иштер министри Сергей Лавров мындай деди: «Венада 23-октябрь жума күнү болуп өткөн төрттүк: Россия, Америка, Саудия жана Түркия жолугушуусунун катышуучулары Сириядагы саясий операцияны чет өлкөдөн колдоп-кубаттоо мазмуну боюнча келишип алышты». Ал бардык министрлердин Сирияны суверендүү, илманий, бир бүтүн мамлекет катары сактап калуу зарыл экендигин бир добуштан макулдашканын айтты. Керри Венадагы төрттүк министрлеринин жолугушуусун «конструктивдүү жана жемиштүү» деп атады. «Блумберг» агенттиги Керринин: Тегеран Сирия кризисин жөнгө салуу боюнча өткөрүлө турган атайын сүйлөшүүлөргө кошулуу үчүн чакыруу кат алышы мүмкүн, деген сөзүн келтирди...» (Русиял Явм 2015-жыл, 23-октябрь).

– 2015-жыл, 29-октярбда болсо бул төрттүктүн экинчи жолугушуусу болуп өттү. «Венада 2015-жыл, 30-октябрь кечинде төрттүк жолугушуу болуп өттү. Анда Саудия, Түркия, Россия жана Кошмо Штаттардын тышкы иштер министрлери чогулуп, Сириядагы кризиске чек коё турган саясий чечим жолдорун талкуулашты. Бирок, төрттүк министрлери жолугушуу аяктагандан кийин маалымат каражаттары үчүн эч кандай билдирүү беришпеди... Мындан мурда Американын тышкы иштер министри Жон Керри өзүнүн ирандык кесиптеши Мухаммад Жавад Зариф менен жолугушкан эле. Анын айтымында Вена сүйлөшүүлөрү тез саясий

чечимге алып барбайт, бирок, бул сүйлөшүүлөр Сирияны тозоктон куткаруу үчүн эң жакшы учур болушу мүмкүн». (Арабийя Нет 2015-жыл, 29-октябрь).

Мында Американын өзү менен союздаштары жана малайлары т.а. Россия, Түркия, Саудия жана Иран ортосунда жолугушуулар болушуна жан үрөп умтулуп жатканы көрүнүп турат. Мындан көздөгөн максаты, бул топту толтуруу жана мына ошондон кийин Америка пландарын Европанын тоскоолдуктарысыз беймарал жүргүзүү! Ошондуктан, Америка Иранды бул жолугушууларга чакырууга катуу аракет кылды: «Америка 2015-жыл, 27-октярбда Иранды Венадагы жолугушууда катышууга чакыргандыгын жарыя кылды. Иран тышкы иштер министрлигинин өкүлү Марзийя Афхам дароо «Биз бул чакырууну алдык жана бул сүйлөшүүлөргө тышкы иштер министри катыша турган болду» деп билдирди. (Шаркул Авсат 2015-жыл, 28-октябрь). Иш ушундан эле турбады, тескерисинче Америка Европаны – сүйлөшүүлөр учурунда анын проблема жаратышынан кутулуу үчүн жана мына ошондон кийин сүйлөшүүлөр өзүнүн союздаштары жана малайлары катышуусунда уланышы үчүн – биринчи жолугушуулардан алыстатууга аракеттенди. Франция мындан тынчсызданып калды. Ошондуктан каршы мамиле билдирүү катары француз тышкы иштер министри 2015-жыл, 27-октябрда «кечки тамакка» чакырды. Фабиус «кечки тамак» тышкы иштер министрлигинин штабында өткөрүлүшүн, анда Франциянын «Сирия кризиси менен мамиледе болуудагы шериктери» катыша тургандыгын айтты. Ал: «Чогулгандар бир бүтүн жана демократиялык Сирия үчүн калктын бардык катмарын урматтай турган саясий өткөөл мезгил жолдорун о.э. терроризмге каршы күрөшүбүздү колдоп-кубаттоо жолдорун талкуулашат» деп кошумча кылды. Бирок, Америка бул жыйынга көп маани бербеди. Себеби, Америка Жон Керринин ордуна анын орун басары Тони Блинкенди жиберди». (Би-Би-Си 2015-жыл, 27-октябрь). Франция өткөргөн бул жыйын Венадагы сүйлөшүүлөрдө орун ээлөө үчүн болгон бир аракет экендиги көрүнүп турат.

Эгерде сириялык качкындар кризиси жана анын таасирлери Европанын так борборуна көчүшү проблемасы жардырылбаганда эле (ал тургай качкындар кризиси европалыктарга Греция кризисин унуттуруп койду деген кеп-сөздөр да болду) Америка Европаны алыстатууну улантууга дээрлик жетишип калган эле. Акыркы төрт айдын ичинде Европадагы маалымат каражаттарында негизги этибар ушул качкындар кризисине каратылды. Айрыкча, Британия жана Францияда ушундай болду. Ошондон кийин бул проблема ого бетер күчөп Европа үчүн, айрыкча Франция жана Британия үчүн Сирия кризисин көздөй өтүп бара турган бир «өтмөккө» айланды. Натыйжада Европанын Сирия кризисине тиешелүү жолугушууларда катышуудан башка айласы калбады. Ошого карабастан, күзөтүүчү адам олуттуу талкуулар Америка менен анын союздаштары жана малайлары т.а. Россия, Саудия, Түркия жана Иран ортосунда жүрүп жатканын анык көрөт.

– 2015-жыл, 30-октябрда он жети мамлекеттин кеңейтилген жолугушуусу болуп өттү. Анда Европа жана кээ бир башка мамлекеттердин о.э. БУУнун, Европа Союзунун жана Араб Лигасынын өкүлдөрү катышты. Бирок, бул жолугушуулардын жүрүшүнө өз өкүмүн өткөрө турган Америка экендиги, андан соң анын союздаштары жана малайлары экендиги алдын ала белгилүү болчу!

Бул жолугушуу жөнүндө келген эң көрүнүктүү нерселер төмөнкүлөр болду:

«Венада Сирия кризиси боюнча жаңы сүйлөшүүлөр бүгүн эртелеп жыйырма чакты мамлекеттин катышуусунда башталды. Алардын арасында Иран да бар. Бул сүйлөшүүлөр ушул кризисти жөнгө сала турган жана Асаддын өткөөл мезгил аркылуу кетишин кепилдей турган саясий чечимге жетишүүгө аракет кылуу боюнча өткөрүлүүдө. Жыйында Кошмо Штаттар, Россия, Саудия, Түркия, Кытай, Британия, Германия, Франция, Италия, Ливан, Иран, Иордания, Катар, Миср, Амман, Ирак жана Эмираттардын өкүлдөрү катышууда. Анда БУУ жана Европа Союзунун өкүлдөрү да

катышууда. Бул Сирия кризисин чечүүгө аракет кылып жаткан эл аралык жана регионалдык күчтөр менен Иран жанма-жан катышып жаткан биринчи сүйлөшүүлөр болуп эсептелет». (Ал-Жазира Нет 2015-жыл, 30-октябрь). Бул жыйын көбүрөөк ыраазы кылуу жыйынына, айрыкча Европага жакыныраак болду... Эки аптадан соң кийинки жыйын өткөрүлө тургандыгы жарыя кылынды.

– 2015-жыл, 14-ноябрда жыйын болуп өттү. Анын билдирүүсүндө төмөнкүлөр келди: «17 мамлекеттин өкүлдөрү о.э. Европа Союзу, БУУ жана араб мамлекеттери лигасынын өкүлдөрү Вена жолугушуусунда Сирияда алты айдын ичинде өткөөл мезгил өкмөтүн түзүү жана 18 айдын ичинде шайлоолорду өткөрүү үчүн анык белгиленген күн тартибине келишип алышты, Башар Асаддын тагдыры тууралындагы келишпестиктерге карабастан, ушуга келишип алышты. Венадагы эл аралык жыйын ишемби күнү, Кошмо Штаттар жана Россия катышуусунда башталган эле. Максат – бир дипломатиялык булактын билдиришинче – Париждеги чабуулдардан жана Башар Асаддын тагдыры тууралындагы келишпестиктерден кийин Сириядагы жаңжалга тиешелүү бир саясий чечимди табууга аракет кылуу. Бул 15 күндүн ичинде өткөрүлүп жаткан экинчи эл аралык жыйын. Ал эң кеминде 128 адам өлтүрүлгөн Париж чабуулдарынан бир нече сааттан кийин болуп өтүүдө». (Арабийя Нет 2015-жыл, 14 ноябрь, Вена – Франс Пресс).

«Германия министри да өз кезегинде төмөнкүлөрдү айтты: «Бул иш дагы деле жетишүү узак болгон иш болуп жаткан болсо да, бирок бардык тараптар сүйлөшүү столунун айланасында чогулушту». Керри болсо өзүнүн орус кесиптеши Сергей Лавров жана БУУнун Сирия маселеси боюнча өкүлү Стефан де Мистура менен биргеликте өткөргөн маалымат жыйынында мындай деди: «БУУнун Коопсуздук кеңешинин туруктуу беш мүчөсү Сирияда ок атууну токтотууну жана 18 айдын ичинде шайлоолорду өткөрүүнү жактап токтом чыгарууга ыраазылык берди». (Имаротул Явм 2015-жыл, 14-ноябрь).

Ошентип, демек аскерий иштер уланууда, сүйлөшүүлөр да уланууда. Булардын бардыгы Американын багыттоосу менен болууда. Американын мындан көздөгөн максаты, биз азыр эле айтып өткөн төмөнкү эки максатка жетишүү:

Биринчи: Тогут Башарды – ал Америка анын ордуна жаңы малайды тапканга чейин кулабастыгы үчүн жана мына ошондон кийин боштук Американын эсептерине туура келбей турган көрүнүштө толушу жүз бербестиги үчүн – колдоп-кубаттоо...

Экинчи: Сирия калкына тынымсыз басым өткөрүп, аларды Американын коалиция жана ал муътадил деп атап жаткан топтордон о.э. режимдин кээ бир жардамчыларынан турган куурчак альтернативаны кабыл алууга мажбурлоо.

Кошмо Штаттар Сирияда түшүп калган кыйын абал төмөнкүдөй, Америка бир нече куурчактарды даярдады. Мисалы, өзүнүн малайларынан турган коалиция деген нерсени жана башка түрдүү куурчактарды даярдады. Бирок, бул куурчактардын эч бири Сирия ичкерисинде кабыл алынбады. Ошондуктан, Америка өзүнүн аскерий операцияларын күчөтүп жатат. Бул операциялар түздөн-түз Американын өзү тарабынан, же Иран жана анын Хизби тарабынан ишке ашырылып жатат. Жакынкы күндөрдөн баштап болсо, Россия тарабынан ишке ашырылууда. Булардын бардыгы Америка тарабынан Сирия калкына – аларды мурдагы малай Башардын ордуна келе турган жаңы куурчак малайларды кабыл алууга мажбур кылуу максатында – басым өткөрүү үчүн болуп жаткан аракеттери.

**Үчүнчү: Сирия боюнча күтүлүп жаткан чечим:**

Сирияда болуп жаткан окуяларга, алардын эл аралык, регионалдык жана жергиликтүү майданга болгон алакасына терең назар таштоо күтүлүп жаткан чечим төмөнкүдөй болушун ачыктап берет:

1 – Сирия режими Башардын атасынын доорунда да Америка малайы болуп келген, Башар доорунда да ушундай болуп калууда. Муну ашыкча чечмелеп түшүндүрүп отуруунун кереги жок.

2 – Колонизатор кафирлер өздөрүнүн малайларын – эгерде өз ролун аткарып бүтүп, алардын кызыкчылыктарын ишке ашырууга кудуреттүү болбой калышса – бир керексиз буюм сыяктуу алыска ыргытып жиберишет.

3 – Бирок, бул кафирлер ал кезде ошол эски малайдын ордун баса турган жаңы малайды табууга жан үрөп аракет кылышат...

4 – Бул жерде Америка түшүп калган кыйын абал бар. Себеби, Америка даярдаган куурчак альтернативалар жана коалиция сыйкырчынын айла-амалы болуп чыкты, сыйкырчы болсо кайда барса нажат таппайт.

5 – Американын азыркы малайынын ордуна кийинки малайды табуу аракети жокко чыкты. Ошондуктан, Америка Башардын жаңы малайды тапканга чейин өлүшүнөн, натыйжада боштукту мусулмандар толтурушунан коркуп калды.

Мына ушул ачыктоодон белгилүү болгондой, күтүлүп жаткан чечим төмөнкү үч иштин бири болот:

– Американын сүйлөшүүлөрдү, Женева 1-2-3тү, Вена 1-2-3тү жана башкаларды созууну улантышы... Сүйлөшүү мөөнөттөрүн бир айдан кийинкиге же эки айдан кийинкиге созуу... Бир жыл же эки жылга болжолдонгон убактылуу башкаруу... Америка адамдар тарабынан кабыл алына турган жана өзүнүн кызыкчылыктарын ишке ашырып берүүгө кудуреттүү болгон альтернативдүү малайды табышын күтүп ушундай кылат. Учурда Башарды – ал мезгилинен мурда жок болбостугу үчүн – колдоп-кубаттоону улантат. Муну өзү тарабынан о.э. малайлары Иран жана анын топтору, Россия жана анын топтору тарабынан ишке салына турган түрдүү шайтаний колдоп-кубаттоо ыкмалары менен ишке ашырат.

– Американын бийликке өзүнүн коалиция жана муътадил топтордон турган куурчактарын эл аралык күч же башка күч менен зордоп

алып келиши. Бул куурчактар Аллах Субханаху ва Росулу с.а.в.га каршы согуш ача турган илманийликти жарыя кылышат.

– Бийликти анын ишенимдүү калкы, Дарул Ислам борбору болгон Шам калкы өз колуна алышы. Ошондо алар колонизатор кафирлерди, алардын куурчактарын жана илманийликтерин эзип, жанчып таштайт жана Ислам башкаруусун, рошид Халифалыкты курушат. Натыйжада Ислам жана анын калкы азиз, куфр жана анын калкы болсо кор болот. Азиз, Ҳаким Зат:

﴿وَقُلْ جَاءَ الْحَقُّ وَزَهَقَ الْبَاطِلُ إِنَّ الْبَاطِلَ كَانَ زَهُوقًا﴾

***«Дагы айткын: Акыйкат** (т.а. Ислам) **келди жана батыл** (т.а. куфр) **өчүп- жоголду. Себеби, батыл жоголуучу нерсе»*** [17:81]

деп айткандай болот. Анткени, Шам калкы жана алардын Исламдагы бардык боордоштору Аллахтын күч-кудурети менен Шам жеринде Ислам башкаруусу гана болушуна ыраазы болот, андан башка бардык башкарууга эч качан жол беришпейт. Алар Укоб роясын т.а. Расулуллах с.а.в. роясы болгон «ла илаха иллаллах Мухаммадур Расулуллах» роясын гана кабыл алышат, андан башка бардык рояны четке кагышат. Мына ошондон кийин алар Шам жерин малайлар жана колонизаторлор ыпыластыгынан тазалашат.

**Төртүнчү: Париж чабуулдарынын таасири жана алардын Вена жолугушуусу менен бир мезгилге туура келгени:**

Эми Вена жолугушуусунун Франциядагы жардыруулар менен бир мезгилге туура келип калганына келсек, жолугушуу жардыруулардан бир нече сааттан кийин болуп өттү. Бул бир мезгилге туура келүүнүн атайылап кылынганы же Вена жолугушуусуна күчтүү таасир кылышы ыктымалынан алыс. Ал болгону Американын бул чабуулдардан пайдаланып калышы көлөмүнчө гана таасирин тийгизиши мүмкүн. Америка Францияны Башар режимине каршы согушууну талап кылуудан тыйып коюу үчүн, балким Башардан алыста терроризм деп аталып жаткан нерсеге каршы согушуу менен алек болушу үчүн бул чабуулдардан пайдаланышы мүмкүн. Себеби, мына ошондо Башар – Америка анын ордуна жаңы малайды тапканга чейин –

өз ордунда кала берет. Франция Американын режимге каршы эмес, тескерисинче, терроризм деген нерсеге гана абадан чабуул кылууга чектелишине каршы чыгып келе жаткан эле. Эми болсо Франция режимге эмес, терроризм деген нерсеге бүтүндөй этибарын карата турган болуп калды... Булардын бардыгы Американы Сирия жаатында Шам калкы талап кылып жаткан Халифалыктын ордуна өзүнүн «баштыгында» жаткан илманий чечимди пайда кылуу үчүн өзүнүн тил бириктирүү фитналары торун токууга аракет кылууга мажбур кылат. Америка Башардын – жаңы малайды тапканга чейин – бийликте калышына ишеним пайда кылып кадыржам болмоюнча ушуга аракет кыла берет. Кадыржам болгондон кийин фитна торун токуудан кутулат. Буга Башарды Иран жана анын Хизби, алардын топтору жана малайлары менен, жакындан баштап болсо Россия менен колдоп-кубатталгандан кийин о.э. Франция коркунучун режимден алыстаткандан кийин жетишмекчи.

Бул бир тараптан ушундай. Башка тараптан болсо Обама бул чабуулдардан өзүнүн демократиялык башкаруусунун жүзүн шайлоолордун астында чырайлуу кылып көрсөтүүдө пайдаланды. Себеби, Обаманын Франция менен анын террорчу уюм жана терроризмге каршы чараларында жанма-жан туруу жөнүндөгү билдирүүлөрү күчөгөнү күзөтүлдү! Обама Америкада болуп өтө турган шайлоо кампаниясы учурунда терроризмге каршы күрөштө бекем болуп көрүнмөкчү. Себеби, анын республикачы атаандаштары «Обаманын демократ өкмөтү терроризмге каршы зор кубат менен күрөшпөй жатат» деп айыптап келе жатышат. Бул болсо, шайлоодо коомчулуктун демократтарды колдоп-кубаттоосуна таасирин тийгизет. Америка тышкы иштер министри Жон Керринин 2015-жыл, 13-ноябрда, Тунисте айткан сөздөрү ушул мааниде болду. Париж чабуулдары ошол күнү жүз берди. Керри: «ИШИМдин саналуу күндөрү калды», - деди. Ал муну Жон Жихадий аттуу кимсе бутага алынганына коментарий берүү учурунда айтты. Американын өзү машыгуудан өткөрүп жаткан күчтөр жөнүндө жар

салышы, Сирияда ИШИМ уюмуна каршы жеңиштерге жетишип жатканы да кудум ушул мазмунда.

Бул жерде көңүл буруу зарыл болгон дагы бир иш бар. Ал төмөнкүдөй, Батыш Париждеги чабуулдардан Исламга каршы «согуш жарыя кылууда» пайдаланды. Себеби, Батыш «карапайым жарандарды өлтүрүүнүн артында Ислам турат» деп дааба кылды. Акыйкатта болсо, согушпай жаткан карапайым жарандарды бутага алуу Ислам көз карашынан караганда шариятка тескери иш экендиги собит акыйкаттардан жакшы белгилүү. Анткени, Ислам бүтүндөй тарыхта жана Расулуллах с.а.в. доорунан баштап согуштук абалда болбогон карапайым жарандарды согуш кырсыктарынан коргоого умтулуп келди. Т.а. Ислам өздөрүн коргоо үчүн зарыл болгон согуштук куралга ээ болбогон алсыз, карапайым жарандарды куткарууга буюрат. Ал тургай, согуштарда, душман менен бетме-бет келген учурда да Расулуллах с.а.в. исламий кошуунга буйрук кылып:

**«وَلاَ تَقْتُلُوا امْرَأَةً، وَلاَ وَلِيدًا، وَلاَ شَيْخًا كَبِيرًا»**

«**Бирер аялды, жаш баланы жана кары адамды өлтүрбөгүлө**», - деген эле. Рошид халифалар да ушуга буюрушат эле. Мисалы, Абу Бакр Г кошуун командачысына төмөнкүлөрдү насаат кылып буйруган эле: «Силер өздөрүн мына ушул ибадатканаларга туткун кылган (т.а. ибадатканалардан чыкпай турган) коомдорго дуушар болосуңар, аларга да, ибадатканаларына да тийбегиле... бирер карыны, аялды, жаш баланы өлтүрбөгүлө, гүлдөгөн жайларды кыйратпагыла...». Умар Г да кошуун командачысына төмөнкүлөрдү насаат кылган эле: «Кишенге салбагыла, алдап кыянат кылбагыла, мусла кылбагыла (өлтүрүлгөндөрдүн мүчөлөрүн кеспегиле), бирер аялды, жаш баланы жана карыны өлтүрбөгүлө...». Мусулмандар, ал тургай согуштарда да ушундай болушкан. Алардын душман менен согушуп жаткан атчан жоокери эгерде душмандын колунан кылыч түшүп кетсе, качан ал кылычын алганга чейин күтүп туруп, ошондон кийин гана бетме-бет алышууда азиздик, баатырдык даражасында туруп өлтүрөт эле. Булар

Исламдагы собит-катъий акыйкаттар, Батыш аларды мусулмандар тарыхынан жана фатх-жеңиштеринен өтө жакшы билет. Бирок, колонизаторлор мына ушул окуялардан Ислам жана мусулмандарга каршы кек-душмандыкты багыттоодо пайдаланышууда. Ал сокурларча кек-душмандык. Эгерде алардын өзү бул кылмышты кылышканда – алардын мындай кылмыштары болсо өтө көп – мындай ызы-чуу салбастан, тескерисинче аны актап жар салышат эле. Эгерде бирер мусулман кылмыш кылып койсо аны дароо өздөрүндөгү исламий диаспорага жабыштырышат, ошону менен эле чектелбестен Исламдын өзүнө чабуул кылышат. Муну кечээ да, бүгүн да күзөтүп турабыз. Бул эч бир шек-күмөнсүз сокурларча кек-душмандык болуп, ал Халифалык тикеленгенден кийин гана өчүрүлөт. Мына ошондон кийин Халифалык ар бир мазлум үчүн ар бир тогуттан өч алат. Натыйжада Халифалык нуру бардык тарапка жайылат, анын жакшылыгынан баары пайдаланат. Мусулмандар өлкөлөрү эле эмес, бул дүйнөдөгү ар бир тирүү жан андан пайдаланат.

﴿وَاللَّهُ غَالِبٌ عَلَى أَمْرِهِ وَلَكِنَّ أَكْثَرَ النَّاسِ لَا يَعْلَمُونَ﴾

***«Аллах өз ишинде үстөмдүк кылуучу, бирок адамдардын көпчүлүгү*** *(муну)* ***билишпейт»*** [12:21]

**6-сафар, 1437-х.**

**18-ноябрь, 2015-м.**

## Сирия жана Ливия майданындагы саясий өзгөрүүлөр

**Суроо:** *Сириядагы акыркы келишимге тиешелүү иштердин жараянын күзөтүүдөн Америка Сирияда оппозиция жана режимден турган илманий өкмөттү орнотуу үчүн бул ирет сулх ишинде жана сүйлөшүүлөрдү өткөрүүдө олуттуу аракетке киришкендей көрүнүүдө. Бул туурабы? Бул нерсе Америка малай Башардын ордуна жаңы малайды алып келүү пикиринен кайтканын жана Башардын бийликте калышына таянып жатканын түшүндүрөбү?*

*Уруксат берсеңиз, дагы бир суроо бермекчимин. Ливиядагы кырдаал чечимге жакындашары менен дагы кайрадан чаташып жатат. Мисалы, алар Схиратта келишип алышкан жана бул келишим Табрук парламентин мыйзамдуу деп моюнга алды, бул болсо, Табрук үчүн утуш болду... Ошого карабастан, ал (парламент) өкмөткө ишеним көрсөтүүнү кечиктирип жатат. Акыйкатта болсо, Сарраж министрлердин санын 32ден 18ге азайтуу менен алардын талабын кабыл алды. Ушундай болгон соң, бул кечиктирүүнү кандай түшүнүүгө болот? Аллах сизге жакшылык тартуу этсин.*

**Жооп:** Биз 2016-жылы 19-январда «Ливия кризисиндеги акыркы окуялар» деген «суроо-жоопту» чыгарып, Ливия проблемасын ачыктап берген элек... Сирия жөнүндө да 2015-жылдын 11-декабрында Эр-Рияд конференциясы жана сүйлөшүү комитетин түзүү жөнүндөгү «Бири-бирине байланышкан эки жамандык...» деген баракчаны чыгарган элек. Ал эми, 2016-жылы 24-февралда «Америка, кийин Россия режимди сактап калуу үчүн Мюнхенде кандуу жиптер менен токуган тынчтык келишими...» деген темада дагы бир баракчаны чыгарып, азыркы тынчтык келишими жана сүйлөшүүлөр темасын ачыктап бердик. Бул баракчаларда тема кеңири ачыкталгандыктан андан жоопту түшүнүп алууга болот. Себеби, окуялар картасы биз ошол чыгарылган баракчаларда баян кылган негизги багыттын алкагында калды. Ошондой болсо да, кошумча баян жана түшүндүрмөнү сунуштаймын. Бирок, оболу бул күрөштөгү Сирия менен Ливия ортосундагы айырманы түшүндүрүп өтөмүн:

Ливия маселеси Сирия маселесинен айырмаланат. Себеби, Сириядагы күрөш Америка, союздаштары жана тарапкерлери менен Сирия калкынын ортосундагы күрөш. Ал Америка менен башка ири мамлекет ортосундагы күрөш эмес. Россия бир ыпылас келишим боюнча Америка планын аткарып жатат. Путин Америкага Сирияда көрсөткөн бул кызматы себептүү Америка аны Украина проблемаларынан тынч коёт деп ойлоодо... Европа болсо

Американын айланасында тегеренип, Америка эмнени айтса ошону тоту куштай сайрап жатат. Европанын максаты – олжодон бирер нерсеге же нерсенин бирер бөлүгүнө ээ болуу! Себеби, Россия жана Европа таасир Американын колунда экенин жакшы түшүнөт. Ошондуктан, бул эки колонизатор Американын Сириядагы таасирин чыгарууга үмүттөнбөйт... Т.а. бул күрөш Америка менен сириялык момун мусулмандар ортосундагы күрөш болуп эсептелет.

Ливияга келсек, күрөш – Америка менен Европа ортосундагы, айрыкча Британия жана кандайдыр бир даражада Франция ортосундагы, андан соң бир аз Италия ортосундагы таасир талашуу күрөшү... Ошондуктан, Америка Сирия калкы Сирия козголоңунун беш жылында Америка пландарына каршы бекем турганын көрүп эс-учун жоготту. Бирок, Америка Ливия жаатында Европага каршы күчтүү экенине кадыржам. Ошондуктан, ал ушул кубат себептүү Европага каршы кадыржамдык менен күрөшүүдө...

**Бул айырманы баян кылганыбыздан кийин суроодо келген нерселер боюнча дагы да көбүрөөк баян жана түшүндүрмө берип өтөбүз:**

**Алгач: Сирия маселеси:**

Американын келишим жана сүйлөшүүлөр маселесинде олуттуу аракетке түшкөнүнө келсек, бул – туура. А бирок, «Америка малай Башардын ордуна жаңы малайды алып келүү пикиринен кайтты» деп айтуу туура эмес. Себеби, Америка бул малайынын ордуна башка малайды тапкан учурда Башардын милдети бүтөт. Америка бул малайлардын тарапкерлерине карата да буга чейин кудум ушундай кылган. Мунун баяны төмөнкүдөй:

Америка келишим, ок атууну токтотуу, согуштарды токтотуу, душмандык операцияларды токтотуу деген аталыштар астында бул козголоңду токтотуу жана аны жок кылуу үчүн бүт басымын ишке салды. Ушул максатта Женевада, Венада жана Эр-Риядда конференцияларды өткөрдү, Коопсуздук Кеңешинде резолюцияларды чыгартты. Буга кошумча, Америка козголоңду өзүнүн малайы Башар, Иран жана анын Ливандагы

Хизби о.э. Россия тарабынан ишке ашырылган аскерий операциялар менен муунтууга да аракет кылды. Американын өзү да түздөн-түз аралашты о.э. «Ислам Мамлекети уюмуна жана терроризмге каршы күрөш» деген шылтоо менен эл аралык коалиция чүмбөтү астында башка мамлекеттерди да шерик кылып согушка тартты. Ошентип, Америка 2016-жылы 12-февралда Мюнхен жолугушуусунда өзү үчүн чыгуу жолун тапты. Бул жолугушууда Америка козголоңду ок атууну токтотуу келишими менен бир апта токтотууга аракет кылды. Бул ишке ашпаган соң, Америка мамлекеттик катчысы Керри орус кесиптеши Лавров менен 2016-жылы 22-февралда жолугушту. Экөөсү ортоктош билдирүүдө согуштарды токтотуу 2016-жылы 27-февраль түн жарымдан тартып күчкө киришин жарыялашты. Булардын бардыгы Американын илманий долбоорун сүйлөшүүлөрдө макулдатуу үчүн кириш сөзү болду. Америка бул сүйлөшүүлөрдү Женевада кийинки күндөрү олуттуулук менен даярдады... Ал ушул багытка кызмат кылган иш-чараларды көргөндүгү Американын олуттуу экендигине далил болот. Америка айрыкча 2015-жылдын 9-10-декабрынан баштап ушундай чараларды көрдү. Себеби, Эр-Рияд конференциясы болуп өттү. Бул конференция режим менен сүйлөшүүлөрдү өткөрүү үчүн сүйлөшүү комитетин түзүү үчүн өткөрүлдү. Ушул чаралардын айрымдары:

Америка сүйлөшүүлөргө эч бир каршылыксыз мажбурлай турган абалды пайда кылуу менен Сирия ичинде өзүнүн малайлары Түркия жана Саудия таасири менен бир демөөрчү даярдады:

а) Америка Саудияга малайлар жана тарапкерлерди, айрыкча куралдуу отряддардан ушундай кимселерди Эр-Риядда чогултуп сүйлөшүү комитетин түзүү милдетин жүктөдү, муну акча жана курал-жарак берип ишке ашырууну буйруду. Америка буга жетишти жана акыретин башкалардын дүнүйөсүнө саткан кимселерден ушул комитетти түздү. Ошентип, Америка Сирия козголоңу башталгандан бери алгачкы жолу, бир башкарууда режим менен шерик болуу үчүн сүйлөшүү алып барууну кабыл алган куралдуу

отряддарды сүйлөшүү комиссиясынын курамына киргизүүгө жетишти: «Бейшемби күнү өткөргөн маалымат конференциясында Булуң изилдөөлөр борборунун башчысы Абдулазиз Сакар оппозициядан бир делегация январь айында режимдин делегациясы менен жолугушарын айтты. Келишимде 32 мүчөдөн турган жогорку кеңеш түзүлүшү көрсөтүлдү, алардын ону отряддардын мүчөлөрү, тогуз адам коалиция мүчөлөрү, беш адам координациялык кеңештин мүчөлөрү, сегиз адам көз карандысыз кишилер». (Ал-Жазира нет, 2015-жыл, 11-декабрь). Сүйлөшүүчүлөр мындан мурун чет өлкөдө жашаган жана Сирия ичинде баш баанеги жок кимселерден турган... Ошондуктан, кеңештин курамына кирген ушул отряддар адамдарды, айрыкча аларды колдоп-кубаттап келген адамдарды жардамсыз таштап койду. Ушул адамдар «бул отряддар бизди тогуттан куткарат» деп аларды колдоп-кубаттап келишкен!

б) Эрдоган Сирияда Америка долбоорун ишке ашыруу үчүн жана Сириядагы отряддарды сулхка жана сүйлөшүүгө катыша турган оппозициядан бир кеңеш түзүүгө ыраазылык берүүгө көндүрүү үчүн Саудияга барып сулх жана сүйлөшүүлөр темасын талкуу кылды: «Түркия президенти Эрдоган шейшемби күнү Саудияга келди, бул сапардын алкагында ал жооптуулар менен региондогу маселелерди, айрыкча Сирия жана Йемен маселесин талкуулашат. Эрдоган Эр-Рияддагы король Халид эл аралык аэропортуна келери менен Ямама сарайына барды. Ал жерде аны Саудия королу Салман ибн Абдулазиз тосуп алды. Саудия расмий маалымат агенттиги». (Кудс, 2015-жыл, 29-декабрь).

в) Америка сүйлөшүүчүлөр үчүн – аларды өзүнүн чечимине көндүрүп «колго үйрөтүү үчүн» – даярдык жыйындарын өткөрдү. Америка иштер ал каалагандай нукта бара жатканын көргөн соң, Түркия менен Иранды өз ара жакындаштырды. Ошондуктан, Түркия менен Ирандын бири-бирине карата курч билдирүүлөрүнө карабастан, Давутуглу Иранга барды. Анын бул сапарынан Түркия менен Ирандын Сириядагы отряддарына болгон

таасиринен Американын Сирия жаатындагы долбоорун ишке ашыруу үчүн пайдаланууда өз ара келишип алуу көздөлгөн... «Түркия премьер-министри Ахмет Давутуглу 4-мартта бир нече министрлерден турган делегация менен Ирандын борбору Тегеранга келди. Бул – түрк премьер-министринин Иранга жасаган эки жылдан берки алгачкы сапары... Ирандын «Фарс» агенттиги билдиришинче, түрк премьер-министри ирандык ири жооптуулар менен жолугушуп өнүгүү жана эки мамлекет ортосундагы экономикалык жана соода кызматташтыгын бекемдөө жолдорун талкуулашат...». (Россия Сегодня, 2016-жыл, 4-март). Бул малайлардын ушул сапарды тамтыгы чыккан сөздөр менен чүмбөттөшү ачык-айкын-көрүнүп турат. Алар бул жолугушуу соода максатында өткөрүлдү деп маалымдашты. Буга, ал тургай, эң аңкоо адамдар да ишенбейт!

Америка сүйлөшүүлөргө региондогу жана Сирия ичиндеги чөйрөнү даярдоо үчүн өзүнүн малайларынын мына ушул ыпылас саясий иштери учурунда өзүнүн долбоорун ишке ашыруу үчүн түрдүү көрүнүштөрдө басым өткөрүүчү чөйрөнү пайда кылууга аракет кылды. Бул иштер Америка сунуштап жаткан сүйлөшүү чечими Сирия үчүн эң жакшы чечим деп көрсөтүү үчүн акыйкаттарды бурмалоодон баштап, Америка тарабынан, же аны менен ыпылас келишим боюнча биргеликте аракет кылып жаткан Россия тарабынан, же Американын регионалдык жана жергиликтүү жүгүртөктөрү тарабынан ишке ашырылган аскерий операцияларга чейинки иштерди камтыйт. Бул иштердин айрымдары ушулар:

а) Америка Сирия калкы эки варианттын бирин тандашы керек: сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү аркылуу Американын Сирия боюнча илманий долбооруна ыраазы болушу керек же Сириянын бөлүнүп кетишин тандашы керек деген пикирди сиңдирүүгө астейдил аракет кылды... Америка Сирия калкы бөлүнүп кетүүнү каалабастыгын жакшы билет. Ошондуктан, Америка сириялыктар анын режим менен оппозиция ортосундагы ортоктош башкарууну түзүү жөнүндөгү илманий долбоорун макулдоо үчүн

сүйлөшүүгө киришет деген ойго келди. Америка аларды ушул пикирге ишендирүү үчүн төмөнкүнү ишке ашырды: Америка менен Россия биргеликте бөлүп таштоо жөнүндө сүйлөшүүлөргө барууга мажбурлаган билдирүүлөрдү берди. Бул билдирүүлөр сүйлөшүүчүлөрдү кабатырга салып, Сирия калкына каршы катаал чөйрөнү пайда кылды. Ал «Эгер, Сирия калкы Американын режим менен оппозициядан турган илманий мамлекетти куруу жөнүндөгү долбооруна ыраазы болбосо, Сирия бүтүн абалда сакталып калбайт, тескерисинче бөлүп ташталат» деген чөйрө эле... Ушундай максатта Керри мындай деп билдирүү берди: «Эгерде, узак күтө турган болсок убакыт өтүп, Сириянын бүтүн абалда калышы колдон чыгышы мүмкүн». (Рейтер, 2016-жыл, 23-февраль)... Россия болсо федерация жөнүндө сайрай баштады. Мисалы, Россия тышкы иштер министринин орун басары Сергей Рябков ушуларды айтты: «Москва Сирия сүйлөшүүлөрүнө катышып жаткандар федерациялык республиканы тургузуу пикирине келишет деп үмүттөнөт. Себеби, ал – күрттөрдүн талабы». (Хадас каналы, 2016-жыл, 29-февраль)... Булардын бардыгынан оппозициянын атынан сүйлөшүү жүргүзүп жаткандарга басым өткөрүп, Америка орното турган саясий режимге ыраазылык берүүгө мажбур кылуу көздөлгөн. Америка жана анын союздаштары Сирия калкы бөлүнүүнү четке кагып жатышкандай эле Американын илманий долбоорун да четке кагып жатышканын унутуп койду же өзүн унутканга салышты. Сирия калкы бул эки долбоорду тең Америка иштеп чыккан эки карамүртөздүк деп эсептешет. Ошондуктан, бул эки долбоорду Үммөткө кыянаттык кылып жаткан чыккынчылар гана колдойт. Бул чыккынчылар – Аллахтын уруксаты менен – шексиз жок болуп кетишет...

б) Сүйлөшүүлөр учурунда орустун баскынчылык чабуулдары ого бетер күчөдү. Бул сүйлөшүүчүлөргө – алар Америка долбоорун макулдоо үчүн сүйлөшүү алып барууну кабыл алууга мажбур экендиктери, антпесе бул чабуулдар дагы күчөшү туурасында – жолдонгон «ишарат» эле. Ошондуктан,

орустардын баскынчылык чабуулдары 2016-жылы 1-февралда башталган Женева-3 сүйлөшүүлөрү учурунда этибарды тарта турган көрүнүштө күчөдү. Бул чабуулдар Халабды курчоого алууда дагы да курчуду. Бул сүйлөшүүчүлөргө басым өткөрүүнүн бир жолу эле...

в) Сүйлөшүүлөрдү четке кагып жаткан бардык адамдарды коркутуп ишарат кылуу. Ушул мазмунда Керри 2016-жылы 24-февралда мындай деди: «Альтернатива план жөнүндө – эгер сүйлөшүүлөр оңунан чыкпаса – маанилүү бир талкуу бар». (Рейтер, 2016-жыл, 24-февраль). Жубайр да өзүнүн бул «устазынын» сөзүн тоту куштай сайрап мындай деди: «... Эгер, сулхту узартууга жетише албасак – Америка мамлекеттик катчысы айткандай – башка варианттар бар. Бул жерде «б» планы бар. Эгерде, Сирия режиминин же союздаштардын олуттуулугу жок экени анык болуп калса, анда, жогорудагы башка вариант жүзөгө келет жана ага чоң маани бериле турган болот». (CNN, 2016-жыл, 28-февраль).

**Жогоруда айтылгандардан белгилүү болгондой, Америка Сирия жаатындагы өзүнүн илманий долбоорун ишке ашыруу үчүн сулх жана сүйлөшүүлөр маселесинде чындап эле олуттуу аракет алып барды.**

Бул иштер режим менен сүйлөшүүнү улантуу үчүн оппозициядан сүйлөшүүлөр комитетин түзүүнү актаган шылтоо жаратууда ийгиликтүү чыкканы көрүнүп турат. Себеби «БУУнун Сириядагы атайын өкүлү Стаффан де Мистура кечээ Сириядагы жаңжалды токтотуу максатындагы сүйлөшүүлөрдүн жаңы баскычы Женевада 14-марттан 24-мартка чейин ушул эл аралык уюмдун колдоосу астында өткөрүлүшүн жарыялады...». (Эр-Рияд, 2016-жыл, 10-март). Ошондон кийин оппозициянын сүйлөшүүлөр комитети бул сүйлөшүүлөргө ыраазылык берилиши үчүн чөйрөнү даярдоого киришти. «Сирия оппозициялык отряддардын өкүлү болгон сүйлөшүүлөр жогорку комитети (кеңеши) 2016-жылы 9-март күнү билдиришинче, бул комитет БУУ тарабынан тынчтык сүйлөшүүлөрү жөнүндө сунушталган иштер жадыбалын алгылыктуу деп билет жана өкмөт күчтөрүнүн сулхту бузган абалдары

азайганын билдирет. Сүйлөшүүлөр жогорку комитетинин расмий өкүлү Салим Мусаллиттин айтымында, комитет жакында Женевада өткөрүлө турган сүйлөшүүлөрдө катышуу жөнүндө чечим кабыл алат». (AFP, DW, 2016-жыл, 9-март). Ошондон кийин «Россия Сегодня» сайты 2016-жылы 11-мартта ушул кабарды таратты: «Сирия оппозициясынын сүйлөшүүлөр жогорку комитети эмдиги дүйшөмбү күнү Женевада өткөрүлүшү күтүлүп жаткан сүйлөшүүлөр раундуна катыша тургандыгын жарыялады ». (Россия Сегодня сайты, 2016-жыл, 11-март).

Ал эми, Американын альтернатива малайды издөөдөн баш тарткандыгына келсек, бул, туура эмес... Себеби, Башар Сирияда туруктуу башкарууну – Америка кызыкчылыктарына кызмат кылган көрүнүштө – кепилдөө кудуретин жоготту. Ошондуктан, Америка анын өткөөл баскычта гана калышын каалап жатат. Себеби, Америка өткөөл мезгилде Башарга караганда азыраак карамүртөз болгон, адамдарды алдай алган, адамдарга жылмайып Америка кызыкчылыктары ишке ашыра алган жаңы малайды издей алат! Себеби, Американын бүткүл оюу – Сирияда дагы бир малай илманий башкарууну тургузуу. Бул башкаруу Америка кызыкчылыктарына кудум Башар жана анын атасы кылгандай кызмат кылышы керек. Ал тургай, Америка имиш кылып таратып жаткан ыплас бөлүнүүгө таянышы ыктымалдан алыс. Эгерде, Америка азыркы малайы Башардын ордуна кийинки альтернатива малайды орното албаса, ошондо Америка бул ыплас планга таянышы мүмкүн... Ошондуктан, азыр Америка үчүн маанилүүсү – ок атууну токтотуу. Себеби, ошондо Америка Башардын ордун ээлей турган жаңы малайды тапканга чейин режим жана оппозициядан турган өзүнүн долбоорун ишке ашырууга бемарал аракет кыла алат... Америка бул ок атууну токтотууну жана оппозициянын бул шартка моюн сунушун – анын таасирине жана Шамдагы малайларына каршы көтөрүлгөн бул козголоңго каршы күрөшүүдө – беш жылдан бери жетишкен эң чоң утуш деп эсептөөдө. Айрыкча, Америка исламий деп аталып жаткан кээ бир отряддарды бул

сулхту жана сүйлөшүүлөрдү кабыл алууда шерик кылууга жетишкени үчүн муну чоң утуш деп эсептөөдө... Россия да муну чоң ийгилик жана режимди бекемдөө үчүн бир мүмкүнчүлүк деп эсептеди. Ошондуктан, Россиянын БУУдагы өкүлү Виталий Чуркин «Коммерсант» гезитине берген интервьюсунда Мюнхен келишимине түшүндүрмө берип: «Дамаск бул нерсе Сирия үчүн ушунча ойрондулуктардан турган беш жылдан кийинки жападан-жалгыз ыңгайлуу учур экенин түшүнөт деп үмүттөнөмүн», - деди. (Франс Пресс, 2016-жыл, 19-февраль). Ошондон кийин Башар Асад ок атууну токтотууга даяр экенин жарыялады.

Булар Америка, Россия жана алардын малайларынын эсеп-китептери... Ал эми, Сирия калкынын эсеп-китептери башкача болуп, кафир колонизаторлордун жана алардын малайларынын, алар сызган сызыктан чыкпай аракет кылып жаткандардын пландарын талкалап, бул колонизаторлордун айла-амалдарын – Аллахтын уруксаты менен – өзүлөрүнө кайтарып урат.

﴿وَمَا كَيْدُ الْكَافِرِينَ إِلَّا فِي ضَلَالٍ﴾

*«(Бирок)* ***кафирлердин айла-амалдары шексиз залалат*** *(т.а. текке кетет)»* [40:25]

Анткени, Шамдагы эр кишилер – Эр-Рияддагы «Интерконтинентал»да акча жана залалатка малынып отурган, сүйлөшүүлөр комитетин түзгөн тигил кимселерден эмес... Бул эр кишилер ыпылас акча аккан жерге чөгөлөгөн тигил чыккынчылардан эмес... Бул эр кишилер режим менен сүйлөшүү өткөрүү керек деп жаткан, ошол эле убакта, режим башчысы үчүн эч кандай орун жок деп алдап жаткан тигил алдамчы кимселерден эмес. Бул тогутту четке каккан киши бул тогуттун режими менен сүйлөшүү жүргүзбөйт! Бул эр кишилер Америка буйруган илманий жарандык мамлекетине ыраазылык билдирип, ошол эле учурда, өзүлөрүн исламчы катары көрсөтүп жаткан тигил кимселерден эмес! Бул эр кишилер Аллахтын өкүмүн четке кагып,

адамзаттын өкүмү менен адал жана арамга чыгарган демократия тарапкери экенин айтып жаткан тигил кимселерден эмес. Аллах Таала айтат:

﴿إِنِ الْحُكْمُ إِلَّا لِلَّهِ﴾

***«Өкүм кылуу бир гана Аллахка таандык»*** [6:57]

Ооба, ушундай, бул эр кишилер тигил кимселерден эмес... Тескерисинче, алар – Шам арстандары. Үммөт бул арстандардын чыныгы ишенимдүү эр киши экендиктерин жакшы билет. Алар да Үммөттө жакшылык кыямат күнүнө чейин жок болбостугун жакшы билишет... Алар жүрөгү менен «Ал (козголоң) Аллах үчүн, ал Аллах үчүн» деп ачык айтып жаткан чыныгы эр кишилер... Аллах Субханаху жана Расулу с.а.в. каалагандай, алар:

**«عُقْرُ دَارِ الْإِسْلَامِ بِالشَّامِ»**

**«Ислам диярынын борбору Шамда»** болушун каалап жаткан чыныгы эр кишилер. (Табароний Кабирде Салама ибн Нуфайлдан чыгарган)... Бул эр кишилер Американын илманий долбоорун жана кафирлер менен мунафыктардын бардык долбоорлорун кандай четке кагып жаткан болушса, бөлүнүүнү да ошондой четке кагып жаткан чыныгы эр кишилер... Алар Шам жериндеги калыс кишилер. Алар акыйкат үстүндө бекем турушат. Алар батыл үчүн бир өкүм сүрүү болсо, акыйкат үчүн өкүм сүрүүлөр бар экендигин жакшы билген, ошондуктан өз дини жана Үммөтү үстүндө соодалашпаган эр кишилер... Алар өздөрүнүн козголоңу чындап эле ашкере кылуучу, акыйкатты ачыкка чыгаруучу экенин өз көздөрү менен көрүп турган кишилер. Себеби, бул козголоң фитнага тил бириктиргендерди ашкере кылды жана мунафыктардын жүзүн ачыкка чыгарды. Натыйжада, бул фитначылардын жана мунафыктардын жүзү ачылып калды. Ошондуктан, бул фитначыларга жана мунафыктарга капарсыз гана алданат, алардын айла-мал тузагына жахил гана түшөт... Албетте, ушул эр кишилер кафирлердин долбоорлору алар эсепке албаган тараптан кыйроого учурашына анык ишенишет.

﴿وَسَيَعْلَمُ الَّذِينَ ظَلَمُوا أَيَّ مُنْقَلَبٍ يَنْقَلِبُونَ﴾

***«Залим кимселер жакында кандай акыбетке карап бара жатышканын билип алышат»*** [26:227]

**Экинчиси: Ливия маселеси**

Жогоруда айтып өткөнүбүздөй, Ливия маселеси Сирия маселесинен айырмаланат. Себеби, Сириядагы күрөш Америка, анын союздаштары жана малайлары менен Сирия калкынын ортосунда жүрүп жатат. Ошондуктан, Сириядагы күрөш – Ливияда болуп жаткандай – Америка менен башка ири мамлекет ортосунда жүрүп жаткан күрөш эмес. Себеби, Ливияда күрөш Америка менен Европа ортосунда, айрыкча Америка менен Британия жана кандайдыр бир даражада Франция о.э. азыраак даражада Италия ортосунда болуп жатат. Демек, ал – жергиликтүү малайлар ишке салынып жаткан болсо да – негизинен мамлекеттер ортосундагы эл аралык күрөш болуп эсептелет...

**Айырманы баян кылгандан кийин Ливия жөнүндө суроодо келген нерселер боюнча кошумча баян жана түшүндүрмөнү айтып өтөбүз:**

Америка Ливияда – Сириядагы аракетине тескери көрүнүштө – саясий чечимге жана аны ийгиликтүү ишке ашырууга жан үрөп аракет кылганы байкалбайт. Тескерисинче, Америка Коопсуздук Кеңешинде Ливия жаатында аскерий аралашууга ишара кылды. Америка саясий чечимге жетишүүгө тоскоолдук кылуу менен гана чектелбестен, өткөн жылы ноябрдан баштап түрдүү баскынчылык чабуулдарын ишке ашыра баштады. Себеби, Америка өзү издеп жаткан адамдардын бирин өлтүргөндүгүн билдирди. Мына ошондон кийин Американын 20 аскери Ливиядагы бир базага кирип, кийин андан чыгып кетишти. Ошондон кийин Америка самолёттору 2016-жылы 19-февралда ишке ашырган ушул акыркы операция жүз берди. Бул операцияда Америка «Ислам Мамлекети уюмунун» мүчөлөрү деген 49 кишини өлтүрдү. Алардын көпчүлүгү Тунистен болгон. Ал Америка эң көп санда өлтүргөн эң чоң операция болуп эсептелет... Американын мындай соккуларды улантышы көрүнүп турат: «Обама 2016-жылы 28-январь күнү улуттук коопсуздук

кеңешинин Ливиядагы кырдаалга арналган жыйынына төрагалык кылды. Батыштын ири мамлекеттери Ливиядагы конституциялык боштук террорчу уюмдун жайылышы үчүн «түшүмдүү» жер болушу мүмкүндүгүнөн тынчсызданып жатышат... Ошондуктан, Ак Үй билдирүү чыгарып ушуларды маалымдады: «Президент улуттук коопсуздук тобуна учурда Ливияда терроризмге каршы күрөшүү үчүн болуп жаткан аракеттерди колдоп-кубаттоо жана өкмөттү бекемдөөнү улантуу туурасында көрсөтмөлөрдү берди...». (Мидл Ист Онлайн, 2016-жыл, 29-январь). Ошентип, Америка эч бир эл аралык токтом чыкпай жатып «Ислам Мамлекети уюмуна жана терроризмге каршы күрөш» деген шылтоо менен аскерий баскынчылык чабуулдарын же аскерий аралашууну ишке ашыруу саясатын жүргүзүүгө чечим кылды...

Бул чечим Ливиядагы абал Америкага канчалык кооптуу экенин көрсөтүп турат. Буга себеп – жан үрөп көрөсөтүлүп жаткандай – «Ислам Мамлекети» уюмунун кооп-коркунучтары эмес, тескерисинче, бул коркунучтар Америка аралашуу үчүн себеп катары карманып бир шылтоо гана. Кээ бир ири мамлекеттер Америка Ливияда өз таасирин жайышына тоскоол болууда. Ошондуктан, Америка 2015-жылы 17-декабрда Схиратта кол коюлган корутунду келишимге маани бербей иш кылып жатканын жана бул келишимди ишке ашырууга аракет кылбай жатканын көрүп турабыз. Себеби, Америка «терроризм» деп жар салган нерсеге каршы Ливияда аскерий аралашуу жөнүндө айтууда. Эгерде ушул келишим Америка кызыкчылыганы болгондо, анда Америка аны колдонууга болгон күчү менен аракет кылмак... Булардын бардыгы, Америка 2014-жылдан баштап өзүнүн малайы Хафтар аркылуу Ливияда өкүмдар болуп алууга жана өз таасирин жайып, режимди өз чеңгелине ала албагандан кийин жүзөгө келди. Ошондуктан, Америка Коопсуздук Кеңешинен резолюция чыгартып отурбастан түздөн-түз аралаша баштады. Себеби, Коопсуздук Кеңешинде Британия Ливияда аскерий аралашууга уруксат берген резолюциянын

чыгарылышына жолтоо болду. Ошондуктан, саясий чечимди ишке ашыруу кыйын бойдон кала берет.

Америка өзүн Схираттагы саясий келишимди кабыл алгандай кылып көрсөтүүдө, ошол эле учурда, бул келишимди ишке ашырууну артка сүрүүгө аракет кылууда. Биздин бул сөздөрүбүздү БРБнын (Борбордук Разведка Башкармалыгынын) директору Жон Бреннандын 2016-жылы 25-февралда айткан ушул сөздөрү тастыкташы мүмкүн: «Кошмо Штаттар Ливияда эки негиздеги саясатты ишке ашырууда, алардын биринде Кошмо Штаттар өз ара атаандашып жаткан эки өкмөттү бириктирүү үчүн о.э. коркунучу күчөп бара жаткан «Ислам Мамлекети» уюмуна каршы терроризмге каршы күрөш операцияларын уюштуруу үчүн дипломатиялык аракеттерди кылат». (AFP, 2016-жыл, 25-февраль). Америка мамлекеттик катчысы Жон Керри ушуларды айтты: «Биз өткөн апталарда Триполи өкмөтүн түзүүдө өтө олуттуулук менен аракет кылдык. Алар өз ара келишимге жете алышпаса Ливия кыйраган мамлекетке айланып калат». (Рейтер, 2016-жыл, 24-февраль). Демек, Керри өкмөт түзүүгө олуттуу аракет кылганын айтууда! Т.а. Америка өлчөөсүнө ылайык келген өкмөттү түзүүгө аракет кылган. Антпесе, Америка бул өкмөттү кулатат. Себеби, Схират өкмөтү мындай болбогону үчүн (т.а. Америка өлчөөсүнө ылайык келбегени үчүн) Америка Табрук парламентиндеги өзүнүн малайлары аркылуу болор-болбос шылтоо менен бул өкмөттүн түзүлүшүнө тоскоолдук кылууга аракет кылды. Америка малайлары бул өкмөттүн 32 министрден түзүлүшүн четке кагышты. Ошондуктан, өкмөт башчысы Фаиз Сарраж 2016-жылы 22-январда Мисрге барып президент Абдулфаттах Сисий менен жолугушту. Анын бул сапары 6 күнгө созулду. Сарраж Америка малайларын ыраазы кылууга аракет кылды. Себеби, ал сапарынын аягында министрлердин санын кыскартууга даяр экенини билдирди. Сарраж Каирден кетээри менен ал жерге Хафтар натыйжалардан кабардар болуу үчүн, көрсөтмөлөрдү алуу үчүн, кошумча колдоого жетишүү үчүн  учуп келди. Демек, бул, Америка өкмөттүн

түзүлүшүнө ыраазы эместигин билдирет. Себеби, өкмөттүн түзүлүшү Америка каалаган көрүнүштө болбойт... Анткени, Сарраж өкмөт мүчөлөрүнүн санын кыскартып, өкмөттү 18 министрден түзө турган болуп, аны Табрук парламентине 2016-жылы 23-февралда сунуштаса да бул парламент аны четке какты. Ал тургай, белгисиз куралдуу топ добуш берүү үчүн келе жаткан парламент мүчөлөрүнө чабуул кылып, алардын парламентке киришине жол бербөөгө аракет кылды. Натыйжада, кворум (добуш берүүчүлөр саны) толук болбой калды, себеби, парламенттин толук 200 мүчөсүнөн болгону 89 депутат гана келди. Натыйжада, парламент төрагасы жыйынды таратууга мажбур болду. Демек, Америка өзүнүн топтору жана малайлары аркылуу тоскоолдук кылууга аракет кылууда...

Бул тоскоолдук кылуунун себебине келсек, ал төмөнкүдөй: Ливиядагы саясий чөйрөнүн көпчүлүгү Каззафийден калган саркындылар т.а. Европа малайлары болуп эсептелет. Ошондуктан, министрликтердин ар кандай түзүлүшү мына ушул үлгүдөн алынат. Муну жаңы министрликте көрүү мүмкүн. Ал эми, Америка Хафтарга жана анын айланасындагы бир нече аскерийлерге таянууда. Америка Хафтардан ал өкмөттө көбүрөөк үлүшкө ээ боло турган жана өкмөт үстүнөн өкүмдарлык кыла турган жаңы саясий чөйрөнү пайда кылып, өзүнө таяныч базаларын пайда кылышына үмүттөнгөн. Бирок, Хафтар азырга чейин буга жетише албады. Анын бардык аскерий операциялары да ийгиликтүү чыкпады. Ошондуктан, Америка саясий чечимге өзү тарабынан, Хафтар тарабынан жана башка малайлары тарабынан болуп жаткан аскерий аралашуу менен мүмкүн болушунча чоңураак тоскоолдук коюуга аракет кылууда. Америка бул тоскоолдукту өкмөттө «арстан үлүшүнө» ээ болгонго чейин уланта берет... Демек, аскерий аралашуу – Американын Ливияда өз саясий таасирин орнотуу үчүн ишке салып жаткан ыкмасы. Америка өзүнүн бул каалоосуна жетишмейинче, мындан таптакыр тыйылбастыгы көрүнүп турат.

Ал эми, Европанын позициясы буга бүтүндөй тескери. Себеби, Европа келишимди ийгиликтүү ишке ашырып өкмөттү түзүүгө жана бул өкмөттү моюнга алдырууга аракет кылууда. Себеби, Европа Ливиядагы саясий чөйрө үстүнөн дале өкүмдар болуп калууда. Муну көрсөтүп турган далилдер көп. Мисалы, француз президенти Олланд Британия малайы Марокко королу Мухаммад VI менен 2016-жылы 17-февралда Францияда жолугушту. Экөө Ливиядагы кырдаалды талкуулашты жана Ливия парламентин Сарраж башчылыгындагы улуттук биримдик өкмөтүнө ишеним билдирүүгө чакырышын билдиришти. Британия тышкы иштер министри Филип Хэммонд 2016-жылы 19-февралда Алжирге барып, тышкы иштер министри Рамтан Ламамра менен жолугушту. Алжирде Хэммонд: «Ливияда аскерий аралашуу бул мамлекет башынан өткөрүп жаткан кризис үчүн татыктуу чечим болуп эсептелбейт», - деп баса белгиледи жана саясий чечимди табууга чакырды. Алжирдин тышкы иштер министри британиялык кесиптешинин сөзүн колдоп-кубаттап ушуларды айтты: «Биз аскерий аралашуу Ливиядагы кризис үчүн татыктуу чечим деп билбейбиз. Бардык иш-аракеттер Ливияга – терроризмге каршы активдүү күрөшө турган – улуттук биримдик өкмөтүн орнотууга мүмкүнчүлүк берүүнү көздөйт...». (Algerian News, 2016-жыл, 19-февраль). Демек, Британия Франциянын колдоосу менен өзүнүн региондогу күчтөрүн саясий жараянды ийгиликке жеткирүүдө жана Америка жар салып жаткан аскерий аралашууга тоскоолдук кылууда ишке салууда...

Ал эми, аскерий операциялардын зарылдыгы жөнүндө кээ бир Европа мамлекеттери тарабынан берилип  жаткан билдирүүлөргө келсек, алар этияттык үчүн берилип жаткан билдирүүлөр болуп эсептелет, мындан эгерде аралашуудан башка айла калбай, майданды Американын жалгыз өзүнө калтырбоо көздөлгөн. Мисалы, маалымат каражаттарынын жазышынча, Британия Ливияга бир аскерий күчтү жиберди. «Africa Portal» 2016-жылы 12-январда Британиянын «Socialiat Worker» сайтынан алынган ушул кабарды таратты: «Консерваторлор өкмөтү Ливияга 1000 Британия аскерин жөнөттү.

Бул аскерлер Ислам Мамлекети уюмуна караштуу күчтөрдүн алга жылышы себептүү коркунуч астында калган нефть булактарын коргоо үчүн жөнөтүлдү. Британия королевасынын деңиз күчтөрүнүн бир эскадра миноносеци да Түндүк Африка жээктерине сапар тартты. Ошол эле учурда, аба күчтөрүнөн Ливиядагы буталарга авиа соккуларды берүү үчүн даярдык көрүү талап кылынды». Франциянын «Le Monde» гезити 2016-жылы 24-февралда төмөнкү кабарды таратты: «Атайын күчтөр бөлүктөрү Ливияда Ислам Мамлекети уюмунун экстремисттерине каршы жашыруун согушта катышат». Т.а. Франция зарыл болгон учурда аралашууга даярдык көрүүдө, бирок, жашыруун түрдө. Франция Американын бир өзүнүн Ливияга аскерий аралашуусуна жол бербөө үчүн Британия менен биргеликте атайын даярдыктагы күчтөрдү жиберет. Франция муну ашкере көрүнүштө кылууну каалабады, тескерисинче жашыруун түрдө кылмакчы. Себеби, Франция аскерий аралашууну Ливияда табигый жана мыйзамдуу нерсеге айландырууну каалабайт. Франция Британия менен биргеликте саясий келишимди ишке ашырып өкмөт түзүүгө жана бул өкмөттү кубаттоого аракет кылууда. Ал тургай, Америка Европаны аскерий аралашуу менен кыйын абалга кептеп коюуга аракет кылып, бирде ал жерде, бирде бул жерде Европа тарабынан аралашуулар болууда деп жар салып билдирүүлөрдү бергенде да Европа ушул билдирүүлөрдү четке кагууга шашылды: «Италия премьер-министри Маттео Ренци жекшемби күнү Италиянын Ливияга 5 миңге жакын аскерди жөнөтүү ниетинде экенин четке кагып, азыркы шарт Италиянын бул мурдагы колониясында аскерий аралашуу үчүн ыңгайлуу эместигин айтты. Ренци телекөрсөтүүдө ушуларды айтты: «Мен премьер-министр болуп турганда Италия Ливияга бастырып кирүү үчүн ошол беш миң аскер менен эч качан барбайт». Алминтип кошумчалады: «Эгерде аралашуу зарыл болуп калса, Италия таптакыр артка чегинбейт. Бирок, бул, бүгүнкү абал эмес. Беш миң аскерди жөнөтүү идеясы талкууга коюлган жок». Ренци муну менен Американын Италиядагы элчиси Жон Филипке каршы

жооп берди. Себеби, Америка элчиси «Коррьере делла Сера» гезитине интервью берип: «Рим беш миңдей аскерди жөнөтүшү мүмкүн» деген. (News Agencies, Россия Сегодня, 2016-жыл, 7-март)... «Италия ушул аскерлерди жайгаштыруудан мурун Ливия өкмөтү тарабынан – бул өкмөткө парламент ишеним көрсөткөндөн кийин – расмий талап алынышы керектигин билдирди». (Арабийя, 2016-жыл, 8-март). Италия бул аркылуу Америка Коопсуздук Кеңеши тарабынан жана Ливиядагы мыйзамдуу өкмөт тарабынан чыга турган токтомду күтүп отурбастан аралашып жатканына ишара кылууда.

Бул болсо, Ливияда иштер жакын арада турукташпастыгын түшүндүрөт. Ошондуктан, Ливияда тынчтыкты же туруктуулукту камсыздай ала турган абройлуу өкмөттүн пайда болушу күтүлбөйт. Ашып кетсе, ал эч кандай күч-кубатка ээ болбогон үчүнчү өкмөт болушу гана мүмкүн. Айрыкча, Америка түзүлө турган ар кандай жаңы өкмөттү кемсинтип жаткан соң, ушундай болушу табигый: «... Кээ бир эксперттер Триполи жана Табрук парламентинин мүчөлөрү улуттук биримдик өкмөтүн түзүү жөнүндөгү келишимге кол коюшу мамлекетте үчүнчү өкмөттөн башка натыйжаны бербестигинен, бул болсо бөлүнүү жана башаламандык абалын ого бетер чаташтырышынан эскертишти... Башкы штабы Нью-Йоркто жайгашкан Американын «The Soufan Group» изилдөө борборунун отчётунда төмөнкүлөр билдирилди: «Улуттук биримдик өкмөтү түзүлсө, бул өкмөт өз ара күрөшүп жаткан эки өкмөткө караштуу отряддар бул өкмөттүн мыйзамдуулугун кабыл алууну четке кагышына дуушар болушу ыктымалдан алыс эмес». Британиянын «Гардиан» гезити билдиргендей, отчёт «Түзүлө турган өкмөт – күчтүү ыктымалга ылайык – аны түзүү келишиминин сыясы кургабай туруп согушка киришүүсү мүмкүндүгүнөн» эскертти....». (Шурук, 2015-жыл, 19-декабрь). Ошентип, өкмөт түзүлгөн күндө да ал согушкердин бир аз дем алышындай нерсе гана болот. Ошондон кийин күрөш дагы кайрадан башталат. Көрүнүп турган абал ушул, Америка бул сапар Ливияда негизги

роль ага тиймейинче аракетин токтотпойт. Себеби, Америка алгачкы жолу ушул көрүнүштө өз малайларына ээ болууда жана ал үчүн «Ислам Мамлекети уюмуна каршы күрөшүү» деген шылтоо менен аралашуунун учуру жаралды.

Ушуга ылайык, демек Ливияда – ушул колонизатор мамлекеттердин аралашып жаткан чеңгелдери кесилмейинче – эч качан туруктуулук болбойт. Маанилүүсү – бул же ал мамлекетке малайлык кылып жаткан жергиликтүү ыплас малайларды кулатуу. Бул малайлар сатылып жана сатып алынып, ушул колонизаторлорго аралашуу шылтоосун даярдап беришүүдө. Бул аралашууда колонизаторлорго кызмат да кылып жатышат жана алардын атынан согушуп да жатышат! Ошондуктан, калыс, аң-сезимдүү кишилер чет элдик аралашуунун ар кандай түрүн жок кылууга жана колонизаторлорду – европалыктар болобу же америкалыктар болобу, баарын – өлкөдөн кууп чыгарууга олуттуу аракет кылышы керек. Калыс, аң-сезимдүү кишилер колонизаторлордун бардык чечимдерин жана долбоорлорун четке кагышы, бул чечим жана долбоорлорду ыргытып, колонизаторлордун малайларын кулатуусу жана иштер тизгинин колго алып Аллахтын өкүмүн Анын жеринде орнотууга аракет кылышы керек... Биз Курани Карим хафиздеринин өлкөсү болгон Ливия калкында жакшылык калбаган деп эсептебейбиз. Себеби, бул өлкөдө ушундай садик, калыс эр кишилер бар, алар Ислам жана анын калкына касташкан ушул душмандардын долбоорлорун – Аллахтын уруксаты менен – жок кылууга кудуреттүү. Анткени Күчтүү, Азиз Аллах Өз динине жардам бергендерге албетте жардам берет.

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِنْ تَنْصُرُوا اللَّهَ يَنْصُرْكُمْ وَيُثَبِّتْ أَقْدَامَكُمْ * وَالَّذِينَ كَفَرُوا فَتَعْسًا لَهُمْ وَأَضَلَّ أَعْمَالَهُمْ﴾

***«Эй момунлар, эгер силер Аллахка жардам берсеңер, ал Зат да силерге жардам берет жана согуш майданында кадамдарыңарды бекем кылат. Кафир болгон кимселер үчүн болсо кыйроо болот жана*** *(Аллах)* ***алардын амалдарын зая кетирет»*** [47:7-8]

**3-жумадус-саний, 1437-х.**

**12-март, 2016-м.**

## Америка, Россия жана Ирандын Сириядагы оор абалы!

**Суроо:** *Россиянын башкы штаб башкармалыгынын жетекчиси генерал Валерий Герасимов: «Сириядагы окуяларга карата Кошмо Штаттардын эмес, Россиянын сабыры түгөндү», - деди. (Ал-Жазира: 2016-жыл, 21-июнь). Валерий Герасимов муну менен Керринин Американын сабыры түгөндү деген сөзүнө ишара кылды. Керри: «Ок атууну токтотуу мажбуриятына амал кылуу жаатында Вашингтондун сабыры «өтө чектелүү» экенин Россия түшүнүшү керек», - деген. (Ал-Жазира нет: 2016-жыл, 15-июнь). Россия тышкы иштер министри Лавров 16-июнь күнү Петербургда өткөрүлгөн жыйында Керриге каршы жооп берип ушуларды айтты: «Керринин сөздөрү туурасында Америка мамлекеттик департаменти чыгарган түшүндүрмөнү окуп чыктым. Алар дагы да көбүрөөк сабыр менен куралданышы керек». (Русиял Явм: 2016-жыл, 16-июнь). Бул бир тараптан, башка тараптан болсо, бул билдирүүлөрдөн мурун Иран талабы менен 2016-жылы 9-июнь күнү Россия, Сирия жана Иран коргоо министрлиги Сириядагы аскерий амалияттарды координациялоо үчүн Тегеранда жолугушту... Суроо төмөнкүдөй: Бул жагдай Америка, Россия жана Иран Американын чечим жөнүндөгү мурунку долбоорлору (сүйлөшүүлөр, Женева, Рияз делегациясы) жаатында оор абалга түшүп калганын көрсөтөбү? Эгер ушундай болсо, кургактыкта аскерий жактан аралашууга аз калдыбы? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.*

**Жооп:** Америка, Россия жана Ирандын Сирияда оор абалга түшүп калганына келсек, бул туура. Бул – Америка кыйын абалда калганын түшүндүрүшү да туура. Себеби, Россия менен Иран Американын Сирия боюнча саясатына жардам берген факторлор гана болуп эсептелет... Ал эми, «кургактыкта аскерий жактан аралашууга аз калдыбы?» деген суроого келсек, мында окуялар багыты кандай түс алышына карап ой жүгүртүү

керек... Окуялар жараянынын түпкү маңызын түшүнүү үчүн ушул нукталарды көрсөтүп өтүү зарыл:

1 – 2016-жылы 22-апрелде Женевада сүйлөшүүлөрдүн акыркы раунду – оппозиция сүйлөшүүлөрдөн чыгып кеткени үчүн – токтоп калды. Оппозиция сүйлөшүүлөрдөн чыгып кеткенине бул сүйлөшүүлөрдүн олуттуу эместигин себеп кылып көрсөттү. Ошондон кийин Башкы сүйлөшүүчү Мухаммад Аллуш 2016-жылы 30-майда отставкага чыкты. (Арабийя нет). Ошондуктан, Стаффан де Мистура сүйлөшүүлөрдүн жаңы раунду башталышын жарыялоо пикиринен кайтты. Мындан мурун «БУУнун Сириядагы өкүлү Стаффан де Мистура Коопсуздук Кеңеши менен жыйын өткөргөн соң – майданда зомбулук амалияттары уланып жатканына карабастан – Сирия боюнча сүйлөшүүлөрдүн жаңы раундунун убагы кийинчерээк, 2016-жылы 26-майда жарыяланышын айткан». (Васат сайты: 2016-жыл, 26-июнь). Ошондон кийин 2016-жылы 9-июнда «БУУнун Сириядагы өкүлү бейшемби күнү бул эл аралык уюм (т.а. БУУ) Сирияда тынчтыкты орнотуу боюнча Женевада сүйлөшүүлөрдүн жаңы раундун – бардык тараптардын жооптуулары саясий өткөөл доор келишиминин өлчөөлөрүнө макул болушмайынча – өткөрбөшүн айтты. Бул келишимге кол коюу мөөнөтү 1-августта бүтөт. Стаффан де Мистура журналисттерге: «Сирия боюнча сүйлөшүүлөрдүн үчүнчү расмий раундунун убагы дале келбеди», - деди». (Baladi-news 2016-жыл, 9-июнь).

2 – Адаттан тыш көрүнүштө Америка Сирияны Жер Ортолук Деңизден бомбалоону башташын жарыялады. Бул, Америка 2003-жылы Иракты басып алгандан бери Жер Ортолук Деңизден туруп бул региондо мындай бомбалоону ишке ашырып жаткан биринчи абал. «Русиял Явм» 2016-жылы 9-июнда Американын бир гезитине таянып ушул кабарды таратты: «Уолл Стрит жорнал гезити жазышынча, Американын «Гарри Трумэн» авианосеци өткөн аптадан капыстан манёвр жасап Булуңдан Жер

Ортолук Деңизге өттү. Гезиттин айтымына ылайык, бул манёврдан Американын аскерий күчүн Россияга көрсөтүү көздөлгөн...».

3 – Америка мамлекеттик департаментиндеги 51 дипломат жана жооптуу бир документке кол коюп, аны президент Обамага тапшырышты. Документте Сирияда аскерий амалият өткөрүүгө чакырылган. «Уолл стрит жорнал» гезити 16-июнда ушуларды жазды: «Америка мамлекеттик департаментинин 51 кызматкери бир меморандумга кол коюп, Сирияда аскерий амалият өткөрүүгө чакырышты...». (Русиял Явм: 2016-жыл, 17-июнь).

4 – 2016-жылы 17-июнда Саудиянын мураскер ханзадасы Мухаммад ибн Салман Америкага сапар жасап Ак Үйдө президент Обама менен жолугушту. Бул – мамлекет башчысы болбогон киши үчүн өткөрүлгөн өзгөчө ырасым. Саудия тышкы иштер министри Жубайр да Америкага барып Сирия кризисин америкалык жооптуулар менен өзүнчө талкуулады...

5 – Бул бир катар сапарларга, жолугушууларга жана билдирүүлөргө терең назар салсак, ушулар ачык-айкын болот:

а) Америка Сирияда чоң ийгиликсиздикке учураганын сезүүдө. Себеби, сүйлөшүүлөр басаңдап маанилүүлүгүн жоготту жана аларга башчылык кылган кээ бир кимселер кулады. Америка Асаддын ордуна жаңы малайды таба албады. Ал эми, Сириядагы козголоң өзүнүн тирүүлүгүн жоготподу. Бул козголоң сүйлөшүүчүлөргө каршы басым өткөрүүдө. Сирия майданында Америка жетишкен ийгиликтерге назар салсак, алардын эң манилүүсү куралдуу жамааттар саясий амалиятка (Рияз делегациясына, Женевага) алып кирилгендиги ачык-айкын болот. 2016-жылы 27-февралда карама-каршылык амалияттарын токтотууну жарыялоо – Америка Сирия козголоңун саясий амалият отуна салуудагы эң чоң арзуусу эле. Америка ушул аркылуу козголоңдун майдандагы басымын жоюп, Асаддын ордуна жаңы малайды даярдап алмакчы болгон. Рияз делегациясынын курамына кирген куралдуу кыймылдардын ичиндеги саясий амалиятка каршы

көтөрүлгөн үндөр бул куралдуу кыймылдарга жана башка бөлүмдөргө басым өткөргөн фактор болду. Мындан тышкары кээ бир кыймылдардын саясий амалияттагы аракетине карата адамдардын нааразылыгы басым өткөрүүчү раъй омм болду... Булардын баары режимге каршы күчтүү куралдуу иш-аракетти жүзөгө келтирди. Бул иш-аракет ичинде садыгы да бар, адамдардын ишенимине жаңыдан жетишүү үчүн убактылуусу да бар. Ошого карабастан, ал ылдам куралдуу иш-аракет болуп эсептелет. Мунун натыйжасында Халаб түштүгүндөгү бир нече стратегиялык региондор бир нече баскычта (Иъйс, Хан Туман согуштарында жана алардан кийинки согуштарда) кайтарып алынды. Булардын баары аскерий амалияттарды токтотуудагы Америка-орус жарыясынын «белин» сындырды. Натыйжада, Женева сүйлөшүүлөрүн улантуунун мааниси калбады. Майдандагы абалдын жарылышы саясий жараянга карата атылган кооптуу ок болду... Ошентип, Америка туңгуюк көчөгө кирип калды.

б) Халаб түштүгүндөгү согуштар – майдандан каралса – көп сандагы Иран күчтөрү жана анын топтору үчүн чоң жеңилүү болуп эсептелет. Ошондуктан, Иран Сирияга дагы да көбүрөөк кургактык күчтөрүн алып кирүүнү талап кыла баштады. Иран оор жоготууларды көрүп, жетишкен жеңиштери аз. Буларга Иран ядролук программасы боюнча Женевада кол коюлган келишимден кийин Иранга каршы экономикалык санкцияларды жеңилдетүү туурасындагы кээ бир тоскоолдуктар кошумча болду. Бул болсо Иран тарабынан Сириядагы аскерий амалиятка каражат бөлүүнүн азайышына алып келди. Ошентип, Ирандын Асадга берип жаткан аскерий жардамдары чынында эле алдан тайып жаткан болушу мүмкүн. Ошондуктан, Иран Американын көрсөтмөсү менен Россиядан жардам талап кылды. Натыйжада, Тегеранда коргоо министрлеринин жолугушуусу болуп өттү... Т.а. Иран да туңгуюк көчөгө кирип калды.

в) Россия жөнүндө айтсак, бир нече жаңы факторлор жүзөгө келип, бул факторлор Россияны Америка талаптарын кабыл алуу каалоосун

жоготушуна же буга кудуреттүү болбой калышына алып келди. Америка козголоңчуларды алар ээлеген позициялар чегинде токтотуп калуу үчүн т.а. майданда алардын алга жылуу үмүтүн кесүү үчүн Россиядан кошумча аскерий амалияттарды өткөрүүнү талап кылууда. Россия буга т.а. козголоңчуларды токтотуп калууга 2015-жылы 30-сентябрда Сирияга аралашкандан баштап урунуп келе жаткан. Америка мамлекеттик катчысы 2016-жылы 11-февралда Сирия донорлорунун Лондондо өткөрүлгөн саммитинде мактанып: «Россия Сириядагы куралдуу жамааттарды үч ай ичинде жок кылат», - деген. Демек, бул, Америка Россиянын аралашуусу аркылуу жүзөгө чыгарууну каалаган максат эле. Эми жаңыча түс алган жана Россия аралашуусун чечкинсиз абалга келтирген факторлорго токтолобуз:

•Россия – Исламдын касташкан душман жана ал Сирия козголоңунун исламий абалынан абдан коркууда. Андан тышкары Россия Сирияга аралашуусун Советтер Союзу кулагандан таптып жоготкон улуулугун көрсөтүп коюу үчүн бир ыңгайлуу учур, мүмкүнчүлүк деп билген. Ошондуктан, Россия Сирияны Каспий денгизинен жана Жер Ортолук Деңизден туруп бомбалоодо өзүнүн аскерий аба күчтөрүн жана аба-космостук күчтөрүн, калибр ракеталарын жана кубатын көрсөтүүгө жан үрөп умтулду. Россия бул жырткыч чабуулдар Америка максатын ишке ашырып беришин, натыйжада Сирия калкын режим менен Америка койгон шарттар негизинде сүйлөшүү столуна олтурууга мажбур кылышын күткөн. Бирок, Россиянын бул үмүтү жокко чыкты.

•Россия Крым жарым аралын өзүнө кошуп алгандан жана Украина чыгышында согуш отун жаккандан кийин ага каршы колдонулган эл аралык изоляция жана санкцияларды бекер кылууга да жетишмекчи болгон. Бул каалоосу да ишке ашпады. Тескерисинче, Россияга каршы мамлекеттердин кыжыры дагы да күчөйт жана аны менен Европа Союзу ортосундагы жарака кооптуу таризде кеңейди. Европа Союзу Россияны тынымсыз айыптап гана калбастан, аны эл аралык сотко тартуу туурасында ишараларды да кылууда.

Европа мамлекеттери ичинде Россияга каршы эң касташкан душмандыкты көрсөтүп жатканы Британия, кийин Германия болду. Германия өзүнүн «ак» китебине Россияны «атаандаш» т.а. душман катары киргизе баштады. Ошондуктан, немис канцлери жети ири мамлекеттердин 2016-жылы 26-майда Японияда өткөрүлгөн саммитинде Россияга карата колдонулган санкцияларды жеңилдетүүнү талкуулоону да кескин четке какты.

•Россия экономикалык жактан алсыз мамлекет. Ошондуктан, ал өзүнүн чегараларынан алыстагы согушка каражат бөлүүнү уланта албайт. Айрыкча, Россия Батыштын санкциялары астында эзилип жаткан соң, буга кудуреттүү боло албайт. Нефть баасынын төмөндөшү да Россияны алдан тайдырды. Демек, Россия Сириядагы өзүнүн чыгашасын узакка көтөрө албайт. Россиянын чыгашасына Сирияда согушуп жаткан орус согушкерлери үчүн бөлүп жаткан кошумча финансылык мажбурияттар да кошулууда. Бул орус согушкерлеринин саны Россия коргоо министрлиги берген маалыматка ылайык 25 миңге жеткен. Россия коргоо министрлиги мындай деп билдирди: «2015-жылдын сентябрь айынан бери Сирияда жүрүп жаткан согушка 25 миң орус аскерийи жана жараны катышты. Бул Россия Думасынын шейшемби күнү «ветеран согушкердин» бул согушка тиешелүү статусун тастыктоо жөнүндө токтом алган мыйзамда анык көрсөтүлгөнү боюнча болду». (Скай Ньюс Арабийя: 2016-жыл, 21-июнь).

•Россия Сирия боюнча Америка менен түзгөн келишиминин келечегинен абдан коркууда. Себеби, Америка администрациясы 2016-жылы ноябрдагы президенттик шайлоодон кийин алмашат. Ошондуктан, Россия өзүнүн Сириядагы аскерий вазыйпасын Обама администрациясы кетишинен мурун аяктоону же бул аралашуу Америка менен ачык келишим болушуна үмүт кылууда. Ушул максатта Россия Сирияда Америка менен келишимди ачыкка чыгарууну тынымсыз талап кылууда, Америка болсо мындан баш тартып келүүдө... Мисалы, Россия «аскерий амалияттарды токтотууну» бузуп

жаткан жамааттарга каршы Америка-Россия кош чабуулдарын ишке ашырууну талап кылганда Америка муну четке какты...

•Таң калычтуусу, орустардын түшүнүгү туура эместиги. Себеби, Россия Америкага эч болбогондо Сирия маселесинде шерикпиз деп эсептөөдө. Ошондуктан, Россия Лавров-Керри жолугушууларын т.а. Сирия кризиси боюнча токтомдорду Сириядагы ашкере аскерий союзга айлантууну каалап жатат. Россия – Америка Лавров-Керри коштугун Европа мамлекеттеринин Сирия кризисине аралашуусуна жол бербөө үчүн майданга чыгарганын – түшүнбөй жатат. Ушул себептен улам, Россия шахмат тактасында болгону бир шахмат фигурасы – а түгүл, Америка столундагы чоң фигура болсо да – экенин түшүнбөй жатат. Америка өзүнүн Сириядагы таасирин коргоо үчүн, Сирия козголоңунда Ислам таңы атышына каршы күрөшүү үчүн бир сапар Иранды жана анын топторун ишке салып жаткан болсо, башка сапар Россияны ишке салууда. Бирок, улуулук оорусуна кабылган Россия Сирияда Америкага шерикпиз деп куру кыялданууда. Муну Керри Сирия боюнча Россия туурасында Американын сабыры өтө чектелүү экени жөнүндө айткан сөздөрүнөн түшүнүп алуу мүмкүн. Т.а. Керри Россиядан Асад күчтөрүн, айрыкча, Халаб туштүгүндө жеңилген күчтөрүн куткаруу үчүн тезинен аракет кылууну талдап кылууда. Муну Лавровдун Керринин сөздөрүнө таң калышы жана Американы сабыр менен куралданууга чакырышы түшүндүрүп турат. Демек, Америка Россияны өзүнүн колундагы бир шахмат фигурасы деп билет. Россия болсо өзүнүн Сириядагы аралашуусун Америка менен эл аралык шериктештиктин үлгүсү деп билүүдө!... Ушул факторлор себептүү Россия да туңгуюк көчөгө кирип калды.

6 – Ошентип, Америка да, Россия да, Иран да туңгуюк көчөгө кирип калышты. Азыр эле айтып өткөнүбүздөй, ал эң оболу Америка кирип калган туңгуюк көчө. Ошондуктан, бул абал Америка үчүн – Асад күчтөрү, Иран жана анын топтору чоң жоготууларга учурап алдан тайып жаткан шартта – чоң кыйынчылык болуп эсептелет. Ушунусу анык, Америка Иран Сирияда

катуу алдан тайганын көрүп турат. Ирандын аскерий аралашуусу Дамасктагы режимдин өмүрүн узарткан болсо да, бирок, бул аралашуу Сирия боюнча чечимге салым кошо албайт. Россия да – ушунча жырткыч бомбалоону жана күйгүзүүчү бомбаларды ишке салганына карабастан – Сириядагы абалды толук чече албады, Сирия калкын тогут режимге баш ийүүгө мажбур кыла албады. Мындай бомбалоо шартында Американын Сирия боюнча варианттары абдан оор болуп калды. Айрыкча, азыр Америка шайлоо доорунда турат жана республикачылар партиясы менен демократтар партиясы бул доордон бири-биринин кемчиликтерин көрсөтүүдө пайдаланат. Буга кошумча Американын жеке өзү аралашуусу зарыл деп билген дипломаттардын меморандуму да бар... Ошондуктан, Америка бул аралашууну талкуулоого өзүн кызыккандай кылып көрсөтүүдө... «Гарри Трумэн» авианосецин Булуңдан Жер Ортолук Деңизге жиберүүдө... Жер Ортолук Деңизден Сирияга ракеталарды атууда... Саудия коргоо министри Мухаммад ибн Салманды чакырууда жана бул министр президент Обама менен Ак Үйдө жолугушууда. Негизи, бул мамлекет башчысы болбогон киши үчүн өзгөчө абал. Күзөтүүчүгө аскерий аралашуунун максаты үстөм келип жаткандай болуп көрүнүшү үчүн ушундай кылынууда!

7 – Муну менен бирге Америка администрациясынын азыркы саясаты – анын жооптууларынын билдирүүлөрү көрсөтүп тургандай – аскерий аралашуу оболу тарапкерлердин жана жүгүртөк малайлардын колу менен алып барууга багытталган... Себеби, АКШ мамлекет департаментинин өкүлү Кирби Американын Сирия жаатындагы саясаты өзгөрбөгөнүн билдирди. Кирби Вашингтондун Сирия жаатындагы саясаты өзгөрүшүнүн ыктымалы туурасында түшүндүрмө берип ушуларды айтты: «Биз дагы эле Сирия жаатындагы саясий чечим эң жакшы чечим экенине ишенебиз». Кирби азыркы Америка президенти Барак Обама администрациясы – анын президенттик доору бүткөнгө чейин – Сирия кризиси үчүн саясий чечим табууга бүткүл этибарын карата беришин да түшүндүрөт. (Русиял Явм: 2016-

жыл, 17-июнь)... Дипломаттардын меморандумуна келсек, күчтүрөөк ыктымалга ылайык ал бул кризисти аскерий жактан эмес, саясий жактан муалажа кылат. Себеби, Ал-Жазира нет 2016-жылы 18-июнда «Вашингтон Таймс» гезитинен алган ушул кабарды таратты: «Ак Үй дипломаттар меморандумунун акыбеттерин жоюу үчүн күрөшөт». Гезит Ак Үй расмий өкүлү Женифер Фридмандын «Обама администрациясы Сириядагы кооп-коркунучтар туурасындагы ар кандай пикирлерди угууга даяр, бирок, президент Обама Сирия кризиси үчүн аскерий чечимди туура көрбөйт» деген сөздөрүн келтирди. Гезит кошумчалап: «Бул меморандум узак жылдардан берки эң акыркы меморандум. Обаманын Сирия кризисине карата жүргүзгөн саясатынан азыркы жана мурунку америкалык жоопттуулардын о.э. Обама администрациясындагы көптөгөн жоопттуулардын көңүлү сууй түшкөн» деп жазды.

**Корутунду:**

1 – Американын туңгуюк көчөгө кирип калганы туура... Ал эми, Американын кургактыкта аскерий жактан аралашуусуна келсек, күчтүрөөк ыктымал ушул: мындай аралашуу белгисиз убакытка чейин кечиктирилип турат. Себеби, азыркы Америка администрациясы кургактыктагы согуштарды тарапкерлер, малайлар жана жүгүртөк топтор алып барышына аракет кылып жатат. Бул абал Обама доору бүткөнгө чейин созулушу мүмкүн... Эгер, окуялар агымынан тышкары жаңы иштер жүз берип калса гана ошондо аскерий аралашуу болушу мүмкүн.

2 – Бирок, этибарды тарткаы ушул: Сирияда Ливия жана Йемендеги сыяктуу эл аралык күрөш жок, бул жерде жалгыз эл аралык «күрөшүүчү» – Америка. Бул «күрөшүүчү» Россияны, Иранды, Асад режимин, жүгүртөк топторду ишке салып түрдүү жырткыч кылмыштарды кылдырууда. Ошого карабастан, Америка жана анын тарапкерлери Сирия калкын Америка долбоорлорун аткарууга жана тогут режим менен шерик болууга мажбур кылуусу ушул бүгүнкү күнгө чейин кыйрап келди. Негизи, Америкага каршы

күрөшүп жаткан тарап – ушул колонизатор мамлекеттердин мүмкүнчүлүктөрүнө таптакыр теңдешпеген материалдык мүмкүнчүлүктөргө ээ Сирия калкы. Ошого карабастан, Шам бул мамлекеттердин, алардын жүгүртөктөрүнүн ач көз каалоолоруна дагы эле моюн сунбай келүүдө! Булардын баарына улуу Ислам себеп. Ислам Шам калкын куфрга жана анын калкына, зулум жана анын жардамчыларына каршы күрөшүүгө аракеттендирүүдө... Улуу Ислам садык, калыс кишилердин жүрөгүнөн орун алган... Ал тургай, айрым адамдар пикирден эмес, жалаң гана Исламий туйгудан келип чыгып аракетке келип жаткан болсо да... ал тургай, айрымдар туура эмес максатты көздөп аракетке келген болсо да, бирок, учурда мындай чөйрөдө исламий туйгулар үстөм, көпчүлүк адамдарга Исламий пикирлер өкүмдар... Шамдагы Ислам нуру Американын максатын бүгүнкү күнгө чейин кыйратып келди. Акыйкатта болсо, Ислам Үммөттү бириктирген бир мамлекетте али көөдөлөнгөн жок. Ошондой болгон соң, эгер мамлекет болсо кандай болот? Канткенде да бул иш-аракеттин албетте келечеги бар.

***«Залим кимселер болсо жакында кандай акыбетке карап бара жатышканын билип калышат»*** [12:21]

**22-рамазан, 1437-х.**

**27-июнь, 2016-м.**

## Учурда Сирия кризисинде эмнелер болууда?

**Суроо:** *Сулх (жарашуу) жокко чыкты. Америка менен Россия бул нерсеге токтом кылуу үчүн узакка созулган жолугушууларды өткөргөн болчу. Жолугушуулар абдан узакка созулган, а түгүл, Керри менен Лавровдун ортосундагы айрым жолугушуулар он саатка чейин созулду! Америка менен Россия бул сулхту алкыштады, ал мурунку сулхтардан айырмаланат, Америка өзү жана оппозициянын, Россия өзү жана режимдин сулхка моюн сунушун кепилдейт деп жар салынган... Эми болсо бул сулх жокко чыкты жана Америка менен Россия бири-бирин бул сулхтун жокко чыгышынын*

*артында турат деп айыптай баштады! Бул нерсе каргаша сулх мөөнөтү аягына жеткенин түшүндүрөбү? Аягына жетпеген болсо, анда учурда Сирия кризисинде эмнелер болууда? Аллах сизге жакшылыкты насип кылсын.*

**Жооп:** Америка назарында каргаша сулх мөөнөтү дале аягына жеткен жок. Т.а. болуп жаткан окуялар Американы сулхка оңдоолорду киргизүү үчүн аны кайра карап чыгууга жана дагы бир чараны көрүүгө мажбур кылды. Бул чараны «сулх түзүүчүнүн тыным алуусу» десе болот. Топтор жана адамдарга таасир өткөрүп аларды – Америка ушул «тыным алуу» убагында өзгөртүү киргизген сулх келишимине ылайык режим менен оппозиция жаңы жолугушуусуна – мажбурлоо максатында дагы да көп бомбалоо амалияттарын өткөрүү үчүн Америкага бул «тыныгуу» зарыл! Обама өзүнүн президенттик доорун Сирия темасы жаатында бирээр чечим менен аяктоону каалайт, эч болбосо режим менен оппозицияны бир жерге топтоп, өзүнүн президенттик дооруна бир аз болсо да ийгилик түсүн бермекчи. Андан мурун демократ президент Клинтон да Палестина маселесинде ушундай аракет жасаган. Обама андан үлгү алмакчы болуп жатат. Клинтон максат кылган нерсесине жетише албады, бирок, Обама андан үлгү албады. Обама мурдагылар кыла албаган нерсени кыла алам деп ойлоп, өзүнүн ийгиликсиздиги өтмүшдөшүнүн ийгиликсиздигинен да ийгиликсиз экенин түшүнүп жетпеди!... Муну айкын түшүнүү үчүн төмөндөгү нерселерди карап чыгуу зарыл:

1 – Америка – Россия жана режим Халабды толук курчоого алганда – сулхту колдонууга олуттуу урунду. Россия жана режим катуу бомбалоо амалияттарын өткөрүп Кастило жолунун негизги бөлүктөрүнө көзөмөл орноткондон Халабды толук курчоого алышты. Ушул амалияттар учурунда аба чабуулдары тынымсыз болуп турду. Ал-Жазира кабарчысы 2016-жылы 7-июлда билдиришинче «... Орус жана режим самолётторунун Халабга жасаган чабуулдарынын саны жүздөн ашты». Натыйжада, режим ушул жолго – оппозиция чыгып кеткенден кийин – көзөмөл орнотууга жетишти. «Ал-

Жазира кабарчысы аскерий булактарга таянып билдиришинче, Сирия куралдуу оппозициясынын согушкерлери Кастило жолунун тегерегиндеги позицияларынан аскерий себептерге ылайык чыгып кетишти...». (Ал-Жазира, 2016-жыл, 10-июль). Ошондон кийин катуу чабуулдар тынымсыз уланды. Бул болсо Россиянын, Ирандын, анын тарапкерлери жана куралдуу топтордун колдоосунда режимдин күчтөрү Халабды 2016-жылы 26-июлда курчоого алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушуна алып келди. «Сирия режиминин күчтөрү шейшемби күнү шаардын түндүгүндөгү Кастилону өз көзөмөлүнө алып Чыгыш Халаб кварталдарын курчоого алды...». (Ал-Жазира, 2016-жыл, 27-июль)... Ушундай шартта Америка мамлекеттик катчысы менен орус тышкы иштер министри Лаос борбору Вьентьянда 2016-жылы 26-июлда жолугушканда Керри журналисттерге 2016-жылы августта Сириядагы согуш абалынын өзгөрүшү жөнүндө дурус кадамдар жөнүндө кабар беришин убада кылды. Себеби, Керри Сирия режими орустар жана ирандыктардын жардамында Кастило жолуна чыгып Халабды курчоого алганын толук ишеним жаратмакчы эле. Керри бул курчоо ишке ашкандан кийин сулх орнотмокчу болду.

2 – Бирок, Халаб түштүгүндөгү козголоңчулар олуттуу аскерий амалиятарды өткөрүшкөндүктөн бул (сулх) жүз бербеди. Козголоңчулар амалияттарды өткөрүп курчоонун Халаб түштүгүндөгү жана аскерий окуу жайлар регионундагы эң катуу бөлүгүн жарып киришти. Мындан мурун козголоңчулар Халаб түштүгүндөгү Рамуса районун алууга жана ага алып барган жолду ачууга т.а. курчоону жарып кирүүгө жетишишкен. Халаб курчоосун жарып чыгуу амалияттары Америка пландарына берилген катуу сокку болду. Америка Сирия козголоңуна, анын Халабдагы эң күчтүү жана эң кызуу очогуна сокку берүүнү пландаган эле. Бирок, бул планы жокко чыкты. Натыйжада Америка менен Россия абдан жинденди. Россия козголоңчулардын бул амалияттарын сындап, Лавров бул амалияттарды «бетпак амалияттар» деп атады. Бул болсо Россия менен Америка Сириядагы

козголоңду баш ийдирдик жана бул козголоң басаңдап баштады деп ойлошконун көрсөтүп турат.

3 – Бүткүл этибарын Халабга карата баштаган Америка пландарын ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн кайра курчоого алуу зарыл болуп калды. Америка Халабды кайра курчоого алуу үчүн ушул эки багыт боюнча аракет кылды:

Биринчиси: Түрк армиясын Сириянын түндүгүнө киргизүү – бул Жараблус регионунан башталды, бул туурасында Түркия «Фурот калканы» амалияттары башталышын жарыялады – жана «Мамлекет уюмуна» каршы согушуу үчүн Халабдын түштүгүнөн «Түркияга жан тарткан» козголоңчуларды чакырып алуу. Т.а. Халабдагы реалдуу согуш фронтторун алсыратуу жана ички өз ара согуштун жаңы фронтторун пайда кылып козголоңчуларды Халабдагы согуш фронтунан мүмкүн болушунча алыска сүрүү!

Экинчиси: Иран өзүнүн миңдеген тарапкерлерин топтоп аларды Халабдын түштүгүнө жибере турган болду. Ирандын Ливандагы Хизби жана «Ирак асылзадалары» кыймылы Халабдын түштүгүнө күчтөрдү жиберишин жарыялады. Ошол эле учурда, Россия Рамуса регионуна карата чабуулдарын дагы да күчөттү...

Америка ушул эки багыттын жардамында Сирия режимине жана анын союздаштарына Халабды кайра курчоого алуу мүмкүнчүлүгүн жүзөгө келтирди. О.э. Америка Халабдын чыгыш райондорунда «террорчуларга сокку берүү», «Халабдагы катардагы жарандарга гуманитардык жардамдары жеткирүү» деген аталышта айла-амал кыла баштады. Ошондо Америка Россия менен келишүүсүн жарыялап «согуш аракеттерин токтотуу» үчүн ыңгайлуу убакыт пайда болду. Америка жана орус тышкы иштер министрлери Женевада он сааттан ашуун уланган жолушууда өз ара келишишти. Жолугушуу учурунда Керри – орустардын ок атууну токтотууга амал кылбаган жамааттарга каршы америкалыктар жана орустардын

биргелешкен ашкере амалияттарын өткөрүү жөнүндөгү талабы ишке ашуусун кепилдөө үчүн – коопсуздук кызматы, айрыкча, Пентагон менен байланышып турду.

4 – Америка менен Россия 2016-жылы 12-сентябрда Сирияда «согуштук аракеттер» токтотулушун жарыялады. Америка Сирия режими жана анын союздаштары болгон Иран, Россия Халабды дагы курчоого алганына толук ишенгенден кийин «согуштук аракеттер» токтотулушу жарыяланды... Ок атууну токтотуу мубарек курман айтынын биринчи күнү башталды. Максат Сирияда ок атууну токтотууну кабыл алдыруу убагын дагы да жакшыртуу үчүн «айттан» пайдаланып калуу эле.

5 – Америка бул келишимди иштеп чыгып жүзөгө чыгарууга олуттуу киришкен эле. «Америка мамлекеттик катчысы Керри Россия-Америка келишими илманий Сирия бүтүндүгүн сактап калуунун акыркы учуру болушу мүмкүндүгүн айтты». (Ал-Жазира каналы, 2016-жыл, 12-сентябрь). Себеби, бул план Америка Сирия маселесин Женева сүйлөшүүлөрүнүн «балтасы» астына коюуга жол даярдоо үчүн согуштук аракеттерди токтотуу максатын ишке ашырып бермек... Башка тараптан бул план Америкадагы шайлоодо демократтар партиясына саясий упайларды алып бермек. Ушул упайлар себептүү Америка Обама администрациясынын акыркы доорунда Сирияда бирер ийгиликке жетишүүгө урунууда. Ошол эле учурда, Россия да бул келишимди – Америка менен биргеликте ашкере аскерий амалияттар толкуну башталышына жакын калганы үчүн – алкыштады. Орустар биргеликте амалияттарды өткөрүүнү көп убакыттан бери талап кылып келе жатышат. Россия бул амалияттарды Сирияда Америка максаттарына кызмат кылууну улантуу үчүн негиз деп билүүдө. Анткени Россия – Обама администрациясынын ордуна келе турган кийинки Америка администрациясынын саясаты кандай болушунун белгисиздигинен – этияттанып жатат.

6 – Бирок, абал Америка каалагандай болбоду жана Америка каршысында эсепке алынбаган ушул эки нерсе пайда болду:

Биринчи: Америка Сирияда өз коалициясы менен түздөн-түз эбегейсиз кылмыштарды кылды, анын союздаштары болгон Россия жана Иран о.э. Ирандын Ирак жана Ливандагы топтору аркылуу эбегейсиз кылмыштарды жасады. Сулх жөнүндөгү келишим курчоо учурунда, айрыкча, Халабды курчоо учурунда түзүлдү. Ушуларга таянып Америка жана анын союздаштары, жийиркеничтүү топтору Сирия калкы эми сулхка ыраазы болууга мажбур болот деп ойлошкон. Бирок, мунун бүтүндөй тескериси жүз берди. Себеби, курчоо шартында жана азык-түлүк жардамдары тосуп коюлган шартта, жада калса, бул жардамдын үстүнө бомбалар ташталып жаткан шартта адамдар демонстрацияга чыгып сулх келишимин кескин каралашты. Бул болсо, бир нече топторду кайраттандырды. Алар бул келишимге кызыкдар эместиктерин жарыялашты! Башка топтор болсо Америка ушул келишимге таянып өзү «террорчу» деп атап жаткан жамааттарга Россия менен биргеликте соккуларды беришине каршы чыкты. Ал жерде бул келишимге бүтүндөй каршы чыккан башка топтор да бар... Бул гана эмес, адамдардын басымдуу аракеттери а түгүл Америка малайларына жан тарткан топторду да өз позициясын билдиришине жол бербеди жана өз позицияларын жашырууга мажбур кылды. Натыйжада, Америка бул сулх келишими – адамдар аны четке кагып жаткан шартта – ал каалагандай пайда бербешин түшүнүп жетти... Бирок, Американы жинденткен нерсе – оппозициядагы тараптар Америка атайын күчтөрүн Сириянын түндүгүндө күтүп алууну четке каккан «күркүрөгөн» окуя болду. Мындан мурун Эрдоган «Фурот калканынын» үчүнчү баскычы Америка күчтөрүнүн катышуусунда башталышын алкыштаган жана Америка күчтөрү Сириянын түндүгүнө киргизилген... Бирок, бул күчтөр оппозициянын катуу каршылыгына туш келди. Америка муну күтпөгөн эле. Америка «экстремист» деп атаган оппозиция гана эмес, жада калса, ал муътадил деп атаган оппозиция да

Америка атайын күчтөрү тарабында туруп согушууну катъий четке какты. Бул четке кагуу менен кошо бул күчтөрдү «кресттүүлөр» деп атаган кыйкырыктар жаңырды. Маалымат каражаттары бул окуя жөнүндө 2016-жылы 16-сентябрда ушуларды маалымдашты: «Активисттер жана журналисттер «твиттер»де тараткан видеолордо Америка атайын күчтөрүнүн аскерлери Халабдагы Роий шаарынан чыгып жатышканы көрсөтүлгөн, алар «Азат Сирия армиясынын» аскерлери деп айтылып жаткан согушкерлер тарабынан акаарат кылынды. Бул видео «Уолл-стрит Жорнал» гезити Америка жооптууларынын «Президент Барак Обама Сирияга кырк миңге жакын атайын күчтөрдү Сириянын түндүгүнө түрк күчтөрү менен биргеликте аракет кылуу үчүн жиберүүгө макулдук берди» деген сөздөрүн ачыктаган учурга туура келди... Роий шаарында тартылган тасмаларда согушкерлер – жүк машиналарынын кербени Америка күчтөрүн алып чыгып бара жатканда – Америкага каршы душмандык мазмундагы сөздөрдү кыйкырып жатышканы көрүнүп турат... Видеодо бир киши «америкалыктарга арабызда орун жок... алар Сирияны басып алуу үчүн кресттүүлүк согушун башташмакчы...» деп кыйкырып жатканы угулуп турат (Бавваба сайты, 2016-жыл, 16-сентябрь).

Бул биринчи нерсе Американы сулх түзүүчү «дем алууга» мухтаж деген пикирге алып келди! Америка бул «тыным алуу» учурунда Сирия калкынан өч алуу үчүн, Американын кылмыштарына жана ыплас пландарына каршы турган, дагы эле каршы туруп жаткан кишилерден өч алуу үчүн бомбалоолорду дагы да күчөтмөкчү. Америка бомбалоону күчөтүү сириялыктарды баш ийүүгө мажбур кылат деп ойлоодо. Анын бул ою – инша Аллах – анын өзүн жок кылат.

Экинчи нерсе: Сулх келишими аскерий келишим гана болуп калбастан, саясий чечим дагы. Обама президенттик доорун Сирияда Америка таасирин сактап кала турган бир чечим менен аяктоого умтулуп жаткан. Себеби, ошондо бул чечим анын атына жазылып, шайлоодо демократтардын

талапкерине жардам берет... Кабарларда айтылышынча, келишим беш документтен туруп, алардын экөөсү согуш аракеттерин токтотуу жана азык-түлүк жардамдарын камтыйт. Бул эки документ ачыкталды, Америка калган үч документти маалымдоодон баш тартты. Себеби, алар – көрүнүп тургандай – саясий чечимге тиешелүү. Бул үч документ Америка муътадил оппозиция менен бирге болуп көрүнүп адамдарды алдап жатканын ачыкка чыгарышынын ыктымалы күчтүү. Бул документтерде тогут Башар Асад өткөөл өкмөттүн башчысы болуп калышы, а түгүл, шайлоого чейин калышы жазылгандыгы да ыктымалдан алыс эмес! Ошондуктан, Америка – аскерий машыгуудан колу бошогонго чейин – буларды маалымдоону каалабай жатат... Америка бул тууралуу Россия менен келишип алган жана оболу иштер тынчтык менен жүрдү. Америка Европаны этибардан качырганы көрүнүп турат. Америка Европаны Сирияда болуп жаткан окуялардан четтетип койгон. Европа ар кандай ыңгайлуу убакыт пайда болору менен Америкага каршы «тополоң көтөрүүдө» күчүн таптакыр аябашын Америка назардан качырды. А түгүл, Сирия кризисинде Европанын эч бир күчтүү ролу жок экени маалым болсо да, бирок, Европа Американы кыйын абалга салып коюшу мүмкүн. Ошондой да болду! Себеби, Европа ушул тараптан пайдаланууга урунду. Франция Америкадан келишимдин беренелерин өз союздаштарына маалымдоону талап кылды. Француз тышкы иштер министри Америкадан Сирияда ок атууну токтотуу тууралуу Россия менен түзгөн келишимдин деталдарын кабардар кылууну талап кылды... «Француз тышкы иштер министри Жан-Марк Эро 15-сентябрда «Франция Сирияда ок атууну токтотуу тууралуу Кошмо Штаттар менен Россия кол койгон келишим менен таанышууну каалайт, ал жерде кимдер бутага алынышы тууралуу башаламандык жүз бербеши үчүн Франция келишимди ачыктоону каалайт», деди...». (DW арабий сайты, 2016-жыл, 15-сентябрь).

Көрүнүп тургандай, европалыктар келишимде кооптуу беренелер камтылган деп Американы да, Россияны да кыйын абалга салмакчы болушту!

А түгүл, бул нерсе Россияга таасир кылып ал өз «терисин» куткарууга аракет кылып калды! Себеби, Россия Америка-Россия келишимин БУУ чүмбөтү менен камсыздоо үчүн Коопсуздук Кеңешинин шашылыш жыйынын өткөрүүнү талап кылды. «Орус тышкы иштер министрлигинин расмий өкүлү Захарова Москванын бул маанилүү талабынын максатын билдирип: «Келишим бир нече документтен турат, сүйлөшүү убагында аларга таянып, алар туурасында келишилди... Орус тарабы сүйлөшүүлөр башталышында жана алардын негизинде, корутунду келишимге жетишилгенден кийин Америка тарабына бул документтерди басып чыгарууну сунуштап гана калбастан, ушуга чакырды, бул келишимдер бал ачуунун ордуна айланып калбашы үчүн мунун зарылдыгын орус тарабы баса белгиледи...», деди». (Арабий 21, 2016-жыл, 16-сентябрь). Бирок, Коопсуздук Кеңешинин 2016-жылы 19-сентябрдагы чукул жыйыны Америка келишимдин беренелерин маалымдоодон катуу баш тарткандыгы себептүү бекер кылынды. Табигый болгондой, Россия жалгыз өзү бул документтерди маалымдай албайт. Себеби, ал Сирияда Америка ыраазылыгы менен аракет кылып жатат!

Бул экинчи нерсе Американы бул ыңгайсыз абалдан чыгуу үчүн бир аз «олжо» менен чектелүүгө мажбур кылды! Америка сулх келишимин кайра түзүп чыгуу пикирине келди. Ошондон кийин келишимде кыйын абалга салып койгон беренелер болбойт. Себеби, Обама сулхтан чечимден аз нерсеге алып келе турган кандайдыр бир нерсе менен да чектелет, ал режим менен оппозицияны жолуктуруу үмүтүндө!

7 – Америка туш болгон ушул эки нерсе себептүү «сулх түзүүчүнүн тыным алуусу» деген пикирге келди. Бул «тыным алуу» учурунда Америка катуу бомбалоо амалияттарын дагы да көбөйтмөкчү. Ушул аркылуу топторго жана адамдарга таасир өткөрүп аларды – ушул «дем алуу» учурунда даярдаган оңдолгон сулх келишими боюнча режим менен оппозициянын ортосунда боло турган жаңы жолугушууга – баш ийүүгө мажбур кылмакчы! Сулхту бир канча убакыт ушул таризде токтотуп турууну актап көрсөтүү

үчүн, сулхту токтотуунун, Россия жана Сирия режими менен келишип бомбалоону бир нече эсе күчөтүүнүн артында Америка турат деген күмөндү алыстатуу үчүн Америка ушул чараларды көрдү:

а) Россия «Сирияда муътадил оппозиция менен «террорчуларды» бөлүү кыйын экенин» кабардар кылды. (Хадас каналы, 2016-жыл, 19-сентябрь).

б) Америка Сирия режимин жана анын артында турган Россияны сулх бүткөнүн жана бомбалоо дагы башталганын жарыя кылууга мажбур кылды. Бул жөнүндө түрдүү маалымат каражаттары кабар таратты: «Сирия режими күчтөрү дүйшөмбү күнү сулх бүткөнүн жарыялады, бул сулх америкалыктар жана орустар жардамында жети күнгө созулду, сулхтун жаңыдан башталышы жөнүндө эч кандай ыктымал көрсөтүлбөдү...». (Ал-Жазира, 2016-жыл, 19-сентябрь).

в) Америка Россия менен жасалма келишпестикти пайда кылды жана эки тарап сулхтун жокко чыгышынын артында турат деп бири-бирин айыптай баштады: «Америка мамлекеттик департаменти «Россия менен түзүлгөн акыркы келишимде көрсөтүлгөн ок атууну токтотуу жөнүндөгү келишимдерди мындай одоно бузуулар шартында Кошмо Штаттар Сирия иши боюнча Россия менен келечекте боло турган бардык алакаларды кайра карап чыгат» деп билдирди». (Ал-Жазира нет, 2016-жыл, 20-сентябрь). «... Россия менен Америка бири-бирин бир нече күндөн бери келишимдин ишке ашуусуна тоскоолдук болууда деп айыптап келүүдө. Москванын пикиринде, Вашингтон сулхтагы милдеттенмелерин, айрыкча, оппозиция топтору жана Жабхату Фатхиш Шам согушкерлери турган региондорду аныктоо туурасындагы милдеттенмелерин аткарбаган. Ал эми, Вашингтон курчоодогу региондорго жардамдар киргизилбесе Россия менен аскерий кызматташтыкты токтотуу менен коркутту...». (Халиж онлайн, 2016-жыл, 24-сентябрь).

г) Америка Пентагон менен мамлекеттик департамент ортосунда келишпестикти чыгарды. Пентагон – кудум сулх бир күндө түзүлүп, андан кабарсыз калгандай – сулхтун шарттарына каршылык билдирди! Акыйкатта болсо, сүйлөшүүлөр алардын көз алдында өткөн. Ошондуктан, эгер Пентагон каршылык билдире турган болсо сулх бүткөндөн кийин эмес, мурдараак каршылык билдирмек. Мындан тышкары 2016-жылы 12-сентябрда киргизилген сулх мөөнөтү 2016-жылы 14-сентябрда Пентагондун ыраазылыгы менен создуктурулган! «... Сирияда сулхту дагы 48 саатка узартуу жөнүндө келишим жарыя кылынгандан кийин «Арабийянын» Вашингтондогу кабарчысы Пентагон бул узартууну шаршемби күнү алкыштады деп билдирди... Америка жана Россия тышкы иштер министрлери шаршемби күнү Сирияда ок атууну токтотуу дагы 48 саатка узартылганын жарыя кылышкан. Бул сулх күчкө кирген биринчи күнүнөн баштап күзөтүлгөн бузууларга карабастан ушунча саатка узартылды...». (Арабийя, 2016-жыл, 15-сентябрь).

8 – Ошентип, Сирияда ок атууну токтотуу алты күндөн кийин т.а. Америка менен Россия тарабынан киргизилгенинен бир апта да өтпөй расмий түрдө 2016-жылы 19-сентябрь күнү жокко чыкты. Бул келишим жети күнгө созулуп берсе Америка менен Россия Сириядагы козголоңчуларды «терроризмге каршы согуш» деген шылтоо менен бирге бомбалашы күтүлүп жаткан. Бирок, сулх жокко чыкты. Бул нерсени Америка атайын кылган жок! Америка «сулх түзүүчүнүн тыным алышын» жана дагы да көбүрөөк бомбалоолорду баштады. Ошол эле учурда, Америка мурунку сулхка өзгөртүүлөрдү киргизип, келечектеги сулхка айлантууда. Ушул аркылуу Америка Обаманын доору бүтүшүнөн мурун Сирия режими менен оппозицияны бир жайга чогулткан жолугушууну өткөрүүнү ойлоп жатат...

Учурдагы абал мына ушундай, Америка жана анын союздаштары, зордукчул жүгүртөктөрү аракет кылып жаткан нерселер мына ушулар. Бирок, вакиъ мындай: Сирия кризиси Обаманын тамагына, анын малайларынын

жана жүгүртөктөрүнүн тамагына сайылган тикен эмес, тикен дарак болду. Мурун Обама азыркыдан да күчтүрөөк, убагы да азыркыдан кеңирээк болушуна карабастан, Ак Үйдө туш келген кыйынчылыктар жөнүндө сүйлөгөн сөзүндө «Сириядагы согуш жана Сирия кризиси жөнүндө өткөрүлгөн жыйындар аны «карытканын» айткан. «Обама 4-август күнү Америка коргоо министрлигинде улуттук коопсуздук кеңеши жана аскерий командачылар менен өткөргөн жыйындан кийин басма сөз конференциясында «Башымдагы ак чачтардан эң чоң бөлүгү Сирия иши боюнча өткөрүлгөн жыйындар себептүү агарганына толук ишенем...» деди». (Русиял Явм, 2016-жыл, 5-август). Обама мурун ушундай деген болсо, азыр мындан да өтүп «Кара Үйүнөн» «Сирия мени өлтүрдү» деп кетет... Ал мындайга ылайык. Сирияда азыр эл аралык күрөш жок. Себеби, Америка эл аралык жактан кожоюн болуп алып Россияны ишке салууда жана Европаны алыстатууда. Америка регионалдык жактан да кожоюн болуп алган. Себеби, Түркия, Саудия, Иран сыяктуу активдүү мамлекеттер Американын малайлары. Америка Сирия режимине жана кээ бир топторго да кожоюн... Бирок, ошого карабастан Америка ушунча союздаштары, малайлары жана жүгүртөктөрү менен Сирия туурасындагы өзүнүн пландарын азырга чейин ишке ашыра албады. Акыйкатта болсо козголоң башталганынан беш жылдан ашуун убакыт өттү. Ошого карабастан, Америка Сирия калкы менен күрөшүп жатат. Ошондуктан, Обаманын «жинденип» жатканына таң калуунун кажети жок. Себеби, ал өзүнүн максаттарын ишке ашыра албады. Ал тургай, анын Сирияга түрк аскерлери менен кошо киргизген атайын дивизиясы да Сирияда орношо албай качып кетти. Бул дивизияны каралап кыйкырган үндөр Обаманы кыжырдантты. Бул үндөр кимдерден чыгып жатат… ал Америка машыгуудан өткөргөн жана Америкага моюн сундук деген топтордон чыгууда!

Булардын баары Сирия калкынын жүрөгүндө исламий туйгулар согуп, аларга калыс күчтөр таасир өткөрүп жатканынан улам болууда. Бул калыс

күчтөр Сирия калкынын аң-сезимин жогорулатууда, көздөрүн ачууда, аларды малайларга, саткындарга жана алардын мусулман өлкөлөрүнө көз алайткан ач көз колонизатор мамлекеттерден турган кожоюндарына каршы турууга үндөөдө. Ошондой болгон соң, эми алардын жүрөктөрүндө исламий пикирлер да согуп, аракетке келтирсе жана аларга бир калыс исламий жетекчилик башчы болсо өзгөрүү кандай болушун элестеткиле. Бир калыс исламий жетекчилик Расулуллах с.а.в.дын Табароний «Муъжамул Кабир»де Салама ибн Нуфайлдан накл кылган хадистеги:

**«Ислам диярынын борбору – Шам»** деген сөздөрүн жүзөгө чыгарат. Мына ошондон кийин Ислам мамлекети, рошид Халифалык, акыйкат жана адилет Халифалыгы жаркырап нур чачат. Халифалык мусулмандарды дагы дүйнө саййиддерине айлантат. Натыйжада Ислам жана мусулмандар азиз, куфр жана анын калкы кор болот. Бул болсо Аллахка таптакыр кыйын эмес.

***«Ошол күндө момундар Аллах нусрат бергени себептүү кубанышат.*** *(Аллах)* ***Өзү каалаган кишиге нусрат берет. Ал кудурет жана ырайымдуу, даанышман»*** [30:4-5]

**23-зул-хижжа, 1437-х.**

**25-сентябрь, 2016-м.**

## Сирия кризисиндеги эл аралык роль!

**Суроо:** *Олланд Орусиянын Алеппого абадан урган соккусун «аскерий кылмыш» деп атады. Муну Олланд Парижде 19-октябрда Путиндин катышуусусуз Орус ортодоксал диний-маданий борборунун ачылыш аземинде айтты. Буга чейин Кремлдин пресс секретары Песков ушул айдын 19уна белгиленген Путиндин Францияга болгон расмий сапары болбой калгандыгы тууралуу билдирүү берген. Бул билдирүү Франция президенти Путинди тосуп алууда экиленип жаткандыгын жарыя кылгандан кийин эле болду. Бул жарыяга чейин болсо, Орусия Франциянын Сирия тууралуу долбооруна вето койгондон кийин, эки өлкө алакасында чыңалуу жүз берген*

*эле. Булардын себеби эмнеде? Алардын Орусиянын Европа менен болгон алакасына таасири кандай? Бул окуялар Сирия кризисине аралашып жаткан эл аралык мамлекеттердин орундары өзгөрүшүнө себеб болобу? Тактап айтканда, Европанын ролу жогорулап, Орусиянын ролунун төмөндөшү күтүлөбү? Аллах ыраазы болсун.*

**Жооп:** Биринчиден: Орусиянын Сирия кризисинде эл аралык вазыйпа аткаруу милдети Обама администирациясы аркылуу болду. Тактап айтканда, Орусияга Сирия кризисинде эл аралык вазыйпа аткаруу милдетин Америка берди. Сирия кризисин талкуулоодо Американын үстөмдүк кылгандыгын кээ бир орус расмийлери моюндарына алышууда. Орусиянын Сириядагы кан төгүү иштеринин артында Америка турат. Ошондой эле, Сирия маселесинен Европаны алыстатуунун, айрыкча, Британия менен Францияны алыстатуунун артында Америка турат. Орусия Сирияда Америка берген вазыйпаны аткаруу аркылуу эл аралык майданда Орусиянын ролун кайтарып алам деп ишенген. Бирок, Америка башка эл аралык маселелерге Орусияны аралаштырууну четке кагууда, бул Орусияга күтүлбөгөн окуя болду. Жада калса, Орусия үчүн маанилүү болгон Украина маселесинде да – Америка менен Орусиянын Сирия кризиси жаатындагы кызматташуусу – Украина маселесин чечүүдө Орусия кызыкчылыгы үчүн болбойт деп карады. Сирия өзүнчө бир, Украина өзүнчө бир маселе деп карады.

Мына ушундайча Орусия Сирия маселесине аралашуу жана аскерин алдыңкы сапка коюу аркылуу эл аралык майданда көрүндү. Вашингтондогу айрым саясатчылар Орусияны мындай эл аралык маселеге аралаштырууну айыптап чыкканына карабастан, Америка Орусияны Сирия маселесине аралаштырды. Америка тышкы иштер министирлигинин дипломатиялык кеңешинде, Сирия маселесин эчкимди аралаштырбай жалгыз чечүү, тактап айтканда, Орусияны аралаштырбай чечүү Америка администирациясынан талап кылынган. Бирок, Орусияны Сирия маселесинде колдонуу саясаты Вашингтондо өз күчүндө болчу. Американын бул саясаты, тактап айтканда,

Америка Орусияны Сирия маселесине аралаштыруу аркылуу эл аралык майданга чыгаруусу Батыш Европаны каттуу кыжырлантты.

Экинчиден: Орусия Сирия маселесине аралашуу ага улуулугун кайтарат деп о.э. Кери менен Лавровдун Сирия жаатындагы жолугушуулары аркылуу өзүнүн эл аралык майдандагы позициясын күчөтүп алам деп ойлоду. Ошондуктан, ал Сирия маселесинен Европаны алыстатууда Америка менен бүтүндөй тил бириктирүүлөргө барды. Ал Америка Сирия маселесин экөөнүн ортосуна чектеп койгонуна кубанды. А түгүл, Америка кожоюндук кылган аймакта Вашингтондун көрсөтмөсү менен рол ойноп жатканына курсант болду. Бирок, эл аралык аренада (эл көзүнө) Орусия өзүнчөдөй болуп көрүндү. Америка болсо, Европадагы ири мамлекеттер менен Сирия жаатында кызматташпай койду. Европа мамлекеттери Орусия Американын артынан изме-из барбайт деп күткөн. Ал тургай, Орусия Американын эл аралык майдандагы таасири төмөндөшүнө салым кошот деп күтүшкөн. Мына ушундайча Орусиянын Америка менен бүтүндөй келишүүлөргө баруусу Европанын ачуусун келтирди.

Үчүнчүдөн: Европаны Сирия маселесинен алыстатууда жана Сирия маселесин Америка менен Орусия ортосуна чектеп койууда Америка негизги ролду ойноду. Бирок, Европа акыркы мезгилде Американын бул тосмосун жарып өтө турган ыңгайлуу учурду тапты. Ушул учурдан пайдаланып, Сирия маселесине аралашууну көздөдү. Ал төмөнкүчө:

1 – Өткөн айларда Америка Сирия маселесинде ийгиликке жетүү үчүн катуу аракет кылды. Анткени, бул ийгилик жакында кете турган Обаманын тарыхына жазылып калышы керек эле. О.э. бул нерсе Америка президенттигине ат салышып жаткан демократ Хиллари Клинтондун шайлоо кампаниясына да колдоо болуп калмак. Ошентип, Америка менен Орусия ортосунда көптөгөн келишимдер болду жана Орусиянын Халаб (Алеппо) шаарын үстөккө-босток бомбалап кыргын кылуусу да Америка менен

келишүү аркылуу болду. Америка менен Орусиянынын акыркы келишими 9-сентябрда ок атышууну токтотуу тууралуу келишими болду.

2 – Сирия эли бул келишимди четке какты. Тактап айтканда, Америка планын четке кагышты. Жада калса өлүм астында жаткандар да бул келишимди четке кагышты. Мындай иш-аракеттер Эрдоган «Ефрат калканы» алкагында киргизген Америка куралдуу күчтөрү менен кызматашууну четке кагууга чейин жетип барды. Ошондон соң, Америка Сирия элине таасир этүү жана каршылык кыймылдары Америка планын аз да болсо кабыл алуулары үчүн Халаб шаарын аёсуз бомбалатты. Эгер Обама бул планын ишке ашыра алганда, анын акыркы мөөнөтү ийгиликтүү болду деп анын тарыхына жазылып калмак. Бирок, ушул эле учурда, Америка өзүн оппозиция менен биргедей кылып жана Орусиянын кыргынына каршы экендей кылып көрсөтүүсү Америка менен Орусия ортосунда чыңалууну жаратты. Чыңалуу Американын Орусия менен мындан ары Сирия маселеси жаатында кызматташпай тургандыгы тууралуу билдирүү берүүсүнө чейин жетип барды.

3 – Нью-Йорктогу 20-22-сентябрдагы БУУ башкы ассамблеясынын жолугушуусунда Америка менен Орусия ортосундагы сөз атышуу туу чокусуна чыкты. Бул Америка Сирия маселесинде жаңы көйгөйгө туш болгондугун билдирер эле. Тактап айтканда, Керри менен Лавровдун жөнгө салуусу оңунан чыкпай калды. Бул абалды Европа Американын тосмосун жарып өтүү үчүн ыңгайлуу учур деп билди. Европа өлкөлөрү БУУ башкы ассамбелясынын жыйынында Керри менен Лавровдун Сирия кризисин жөнгө салуудагы аракеттери ийгиликсиз аяктаганын кубаныч менен кабыл алышты. Алар учурдан пайдаланып, Сирия кризисин чечүүдө Америка тараптан туруп белгилүү бир рол ойноп калууну колго алышты. Кийин Американын Орусияны Сирия маселесинен алыстатуу үмүтүн ишке ашыруу үчүн Орусия менен пикир келишпестиктерди кеңейтти. Мына ушул жаатта Европа менен Орусия ортосунда чыңалуу пайда болду.

Төртүнчү: Учурдан пайдаланып, Америка тосмосун жарып өтүү жана Сирия маселесине аралашуу үчүн Европанын билдирүүлөрдү бериши табигый. Муну Франция баштады:

1 – Американын мындан ары Сирия маселесинде Орусия менен кызматашпашын айтышы Францияга дем берди. Франция Коопсуздук Кеңешинде согушту токтотуу долбоорун жарыя кылды. Франция өз долбооруна орус тарапты канаатандырыш үчүн 5-6-октябрь күндөрү Франция тышкы иштер министри Эйрону Москвага жөнөттү. Франция долбоору Халабды абадан чабуулга алууну токтотууну талап кылат эле. Бул болсо, Сирия элин тизе бүктүрүү үчүн Америка менен Орусия ортосунда келишилген бомбалоону күчөтүү келишимине тескери келет болчу. Ошондуктан, Франция ТИМинин Орусияга болгон иш сапары Орусия үчүн ыңгайсыз абалды жаратты. Бир тараптан Франция долбоору иштерди создуктурат десе, дагы бир тараптан аны четке кагуудан кооптонду. Франция өз долбоорун ишке ашыруу үчүн аркетин токтоткон жок. Франция ТИМи Франция долбоору копсуздук кеңешинде Америка колдоосуна ээ болушу үчүн, Москвадан кийин Вашингтонго кетти.

2 – Орусия 8-октябрда коопсуздук кеңешинде вето койуу менен Франция аракетин жокко чыгарды. Ушундан улам, Европа мамлекеттери менен Орусия ортосунда чыңалуу пайда болду. Европа мамлекеттери Орусияны Европанын Сирия маселесине аралашуусуна тоскоолдук жараткан бир тосмо деп билди. Америка Сирияда Орусияга берген вазыйпасын аткарууга Орусия бекем турганын көргөндөн кийин, Европа оюнчулары Сирия маселесине киришиши үчүн, өзүнүн Европага койгон тосмосунан жылчык ачып койду.

3 – Франция менен Орусия ортосундагы чыңалуу Путиндин Парижге жасачу расмий сапары алдында күчөп кетти. Бул сапар Парижде орус ортодоксал чиркөөсүнүн диний-маданий борборунун ачылыш аземине катышуу үчүн деп белгиленген болчу жана азем алкагында Олланд менен

Путиндин жолугушуусу да болору келишилген эле. Бирок, чыңалуунун айынан эки өлкө ортосундагы маанай сууй түштү. Франция президенти 10-октябрда Путинди тосуп алууда экиленип жаткандыгын жар салды. Ошол маалда расмий Кремль адаттагыдай эле Путиндин визитине карата даярдыктар болуп жатканын билдиришкен эле. Мына ушундайча Орусия ыңгайсыз абалда калды. Анткени, Олланд Путиндин Парижге болгон иш сапарында аны менен диний борбордун ачылышына катышпай тургандыгын жана Путин менен боло турган жолугушуусунда Сирия маселеси жөнүндө гана талкуулашарын билдирди. (Русиял Явм, 2016-жыл, 11-октябрь). Орусиянын буга ачуусу келди. 11-октябрда расмий Кремль Путиндин Парижге белгиленген иш сапары болбой калгандыгы тууралуу билдирүү берди. Мына ушундай көрүнүштө Орусия менен Франция ортосунда чыңалуу жогорку чекке жетти.

4 – Франция эскалация кылууну уланта берди. Франция жергиликтүү гезиттеринин бири: Франсуа Олланд «Мен Орусия Сирия режимин колдоп жана опозицияга каршы күрөшүп жаткандыгы себебтүү Орусияга болгон кысымды жеңилдетпейм. Бирок, согуш тууралуу талкуу кылуу үчүн Путин менен жолугушууга даярмын», - деген билдирүүсүн басып чыкты.

5 – Франция президенти жана Германия канцлери Меркель 20-октябрда, Орусия жана Сирия режиминин Халаб шаарына абадан урган соккусун катуу айыпташты. Бул билдирүүнү алар Франция, Германия жана Орусиянын Берлиндеги жолугушуусунан кийинки пресс-конференцияда айтышты. Олланд абадан жасалган бул чабуулдарды «аскерий кылмыш» деп атады. Меркель болсо Орусия жана Сирия режиминин Халаб шаарына абадан жасаган чабуулдарын «адамзатка жат» деп атады.

Мына ушул себептер Орусия менен Франция ортосундагы алакалардын чыңалуусун келтирип чыгарды. Эми Сирия маселесинде Франция да, Орусия да саясий жаатта жакшы болуп кете алышпайт. Тактап айтканда, эки өлкөнүн ортосундагы чыңалуу барган сайын күчөп бара берет.

Бешинчиден: Франция менен Орусия ортосундагы чыңалуунун таасирине келсек, ал мындай:

1 – Орусия менен Франция ортосундагы чыңалуу бүткүл Европа менен Орусия ортосундагы алакаларга толук таасир этет. Айрыкча, таасирге ээ Европа мамлекеттеринин алакаларына. Британиядан Германияга чейинки… Франциянын коопсуздук кеңешине койгон долбоору ЕБдин долбоору катары түшүнүлөт. Анын ичинде мүчөлүктөн ажырай элек Британия да бар. Балким, Британия өз саясатын көп иштерде Франция менен биргеликте алып барат. Франция адаттагы аңдап жетпестен туруп аракеттенген сыпаты менен ЕБдин найза учуна айланган. Ал эми Британиянын болсо, айрыкча, эл аралык саясатта өзүнө таандык куйтулук ыкмасы бар. Бул ыкма анын Франция менен Орусия ортосундагы чыңалуудан тезиенен пайдаланып кеткендигинен да көрүнүп турат. Тактап айтканда, Франция менен Орусия ортосундагы чыңалууну Британия менен Орусия ортосунда чыналууга айлантты. Коопсуздук кеңешинде добуш берүүнүн артынан эле Британия өкүлү Орусия ветосун айыптап «Биз Орусиянын амалын билебиз – бул арсыздык» деди. Бритиния парламентинде Жонсон мындай деди: «Эгер Орусия азыркыдай жолун уланта берсе, бул зор мамлекет коркунучтагы жана обочолонуп калган мамлекетке айланат». Ал Орусия элчиканасы алдында согушка каршы митингке чыгууга чакырык таштады. Ал дагы кошумчалап мындай деди: «Бардык далилдер бул үрөй учурган жаман иштер (гуманитардык жардам кербенин бомбалоо иштери) үчүн Орусия жоопкер экендигин көргөзүп турат». Кийинки күнү буга жооп катары Орусия коргоо министирлиги: «Жонсон башкаларга карата кытмыр душмандыгын койнуна каткан психикалык жактан оорукчан адам», - деди. Орусия коргоо министирлигинин пресс катчысы Игорь Конашенков болсо: «Жонсондун айткандары – кээ бир Британ жетекчилери Жонсондун тили менен айткысы келип жаткан, Орусияга каршы душмандык истерикасы», - деди. Ушундан кийин, биз жогоруда айтып өткөндөй, Европа жетекчилери

билдирүүлөрдү беришти. (Олланд «аскерий кылмыш» деди. Меркель Орусия жана Сирия режиминин аба соккуларын «инсанийлик эмес» деди. Би-Би-Си Арабий, 2016-жыл, 20-октябрь).

Тактап айтканда, Орусия менен ЕБдин ортосундагы чыңалуу барган сайын кеңейип баратат. Сирия себебтүү Орусияга карата жаңы санкцияларды киргизүү талабы Европадан бийик үн менен чыга баштады. Мына ушундайча Франция, Британия жана башка Европа өлкөрү Орусия жана анын саясатынан жүз үйрүшүп, аны менен болгон алакаларын чыңалта башташты. Мунун баарында алар Сирия кризисин №1 эл аралык маселе кылып, алар дагы Сирия маселесин чечүүгө катышып калууну көздөп жатышат. Бул мамлекеттердин тилеги мусулмандарга жакшылык алып келүү эмес. Европа мамлекеттеринин максаты Орусиянын мусулмандарга каршы Сирияда кан төгүп жатканын токтотуу же ага каршы чыгуу эмес. Алар алты жылдан бери Сирияда төгүлгөн кандар дарыя болуп акканына деле кошкөңул карап келишкен. Булардын максаты – ири державалар биримдиги катары Сирия кризисинин чечимине катышып калуу гана.

2 – Орусия жана Франция алакалары чыналуусуна ылайык ЕБде окуялар ылдамдай баштады. Франция, Британия ЕБди Орусиянын Сириядагы аба чабуулдарын каралоого жана Москвага каршы кошумча санкцияларды киргизүүгө чакыра баштышты. Франция ТИМи Жон Марк Эйро мындай деди: «Орусияга каршы кысым катуу жана күчтүү болушу зарыл». ЕБдин бирдиктүү позициясына ишара кылып, Халаб шаарынын жай тургундарын кыргын кылууну токтотуп калуу мүмкүн экендигин айтты. Дагы кошумчалап: «20 сириялык, 12 орусиялык ж.б. у.с. дагы 200 адамды, алардын ичинде үч ирандык да бар – булардын Сириядагы согушта ролдору бар экендиги үчүн, Британия менен Франиция алардын өздөрүнө кирүүсүнө тыйуу салууну караштырып жатат» деди. Ошондой эле, финансылык санкциялар эч бир токтомсуз эле ишке киргизилди. «Россия сегодня» кабар агенттиги Британиянын эки банкы эч бир токтомсуз жана себебин

түшүндүрбөстөн эле, ага тийиштүү бардык акцияларды тоңдуруп салгандыгын жарыя кылды. («Россия сегодня» редактор Маргарита Симоньяндын тввиттерддеги сөзүн басып чыкты: «Биздин Британиядагы бардык акцияларыбызды тоңдуруп салышты! Токтом кайра каралбайт». ) («2016 10 20 Брюсселде Европа жетекчилери Орусия менен алакаларын талкуулашат жана Орусиянын Сириядагы аракеттери үчүн санкцияларды киргизүү да каралат». (Рейтер Арабий, 2016-жыл, 19-октябрь).

3 – Эгер Франция менен Орусиянын алакалары дагы да чыңала берсе, Орусия менен Европа өлкөлөрүнүн ортосундагы алакалар да чыңалып бара берет. Анын кесепеттери Украинада, тактап айтканда, Чыгыш Европада көрүнө баштайт. Европа өлкөлөрү Орусияга санкцияларды киргизе баштайт. Орусия менен Европа ортосунда чыңалуунун күчөшүнө көптөгөн себебтер бар. Ал бир эле Сирия маселесине чектелбейт. Эгер Орусия Европа менен болгон алакасында тезирээк акыл калчап иш алып барбаса, ал Европа менен болгон алакасында чоң зыянга учурайт. Сирия кризисинде Орусия эл аралык алакаларында толук кандуу акыл калчап иш кыла албады. Ушул эле учурда, Орусиянын Халаб шаарын бомбалоо кылмышын бүткүл аалам каралап жатат. Бул Орусиянын саясий жактан төмөн түшүп кетүүсүнө себеб болот. Орусия Америка менен болгон алакасына курсант болуп жатат. Орусия Америка менен Сирия жаатындагы алакасындагы пайда болгон чыналуунун акыйкатын билбей жатат. Бул чыңалуу абалында да, 15-октябрда Америка ТИМи Керри Лавров менен Лозаннада жолугушуу өткөрдү. Бул жолугушуу чүмбөтөлүп, ага кээ бир малайларды да кошуп койушту. Анткени, Америка бир аз мурдараак мындан ары Орусия менен Сирия маселеси тууралуу талкуулашпбай тургандыгын билдирген эле. Лекин, Россия менен жолугушуп, бирок бул жолугушууга Европаны келтирбеди!

Орусия өзү түшүп калган кыйын абалды сезе баштады. Америка аны жырткычтарча кыргын кылуучунун символу кылып көрсөтүп койду. Европа Америка менен Орусия ортосунда пайда болгон чыңалуудан пайдаланууда.

Орусиянын жапайы кыргынына каршылыкты күчөтө баштады. Орусия Европанын бул кысымын жумшартуу максатында аны менен тынчтык темасы тууралуу сүйлөшө баштады. Орусия «гуманитардык тынчтык» жарыялады. Бул тынчтыкта Халаб шаарын бомбалоо токтотулат. Орусиянын билдиришинче, 2016 10 20 баштап жергиликтүү убакыт менен таң эртеден тартып асрга чейин сегиз саат аралыгында бомбалоо токтотулат. Бул билдирүү Халабды бомбалоодо 14 кишиден турган бир үй-бүлө өлгөндүгү тууралуу кабар менен тушма-туш чыкты. Мына ушундайча Путин мурдараакта Олланд менен Сирия маселесин талкуулоону четке каккандан кийин, эми кайра Сирия маселесин европалыктар менен бирге кароого макул болду. Франция президенти Олланд, Орусия президенти Путин жана Германия канцлери Меркел Берлинде Сирия маселесин карап чыгуу үчүн «иштиктүү жолугушуу» өткөрүшөрүн Франция жетекчилиги билдирди.

Мына ушундайча Орусия менен Франция ортосундагы пайда болгон чыңалуу Европа өлкөлөрүндө көрүндү. Анын кесепетинен Орусия кыйын абалга кептелип калды. Орусия мурдараак Олланд менен талкуулашуудан баш тартып, Парижге болгон сапарын токтотуп койгон. Эми болсо бул абалды жайгаруу үчүн Сирия маселесин ЕБдин башчылары менен талкулоого кайрадан макул болду.

Алтынчы: Бул окуялар Сирия маселесине аралашып жаткан жергиликтүү жана эл аралык мамлкеттердин орду өзгөрүшүнө алып келеби дегенге келсек, келечекте андай өзгөрүү болушу күтүлбөйт, абал мурдагыдай эле өзгөрүүсүз калат. Мурдагы оюнчулар өз ордуларында эле калышат. Тактап айтканда, Америка жана анын өкүлдөрү Орусия, Иран, Түркия жана Саудия. Ал эми Европа болсо, анын үлүшү чеке жылытарлык болбойт. Буга далил, Европа Орусияга каршы абалды курчутуп, Сирия маселесинде бир орунга ээ болуп калыш максатында Америкага жакындоо аракетин кылганына карабастан, Америка 15-октябрдагы Лозанна жоолугушуусуна Европаны чакырбай, Орусияны чакырды. Конференцияда Америка менен

алакаларды токтотуу чыналуусунун келип чыгышына карабастан, Орусия Америка тарапта турду! Европанын буга кыжырданганын көрүп, Америка аны ыраазы кылуу максатында, 16-октябрда, башка тарапты чакырбастан, Европаны жолугушууга чакырды. Алар менен кең-кесири талкуу кылды жана жолугушуу кандай башталган болсо ошондой бойдон тарады.

Ошондуктан, келечекте Сирия кризисин чечүүдөгү эл аралык роль Америка жана анын өкүлү Орусияга, андан кийин малай агенттерге ( Иран, Туркия, Саудия) чектелип турат деген пикир басымдуурак. Бул жергиликтүү жана эл аралык тараптан алып караганда. Алар айла-амал, тил бириктирүүлөрдү кылып жатышат. Бирок, Шам жана Шамдан башка жерлерде Аллах жана Анын расулу үчүн жанын сайып койгон чыныгы ыхластуу эркектер бар. Алардын Шамда бекем тургандыгы себебтүү, Америка, Орусия жана башка малай акимдер эч качан өз максаттарына жетише алышпайт, пландарын да ишке ашыра алышпайт. Балким, алардын абалы Аллах Куранда эстеткендей, өздөрүнөн мурунку коомдордун абалындай болот.

***«Алардан мурункулар да айла-амал кылышты. Аллах алардын өздөрүнүн үйлөрунүн пайдубалынан алды. Алардын үстүнө шыптары кулап түштү, азап аларга өздөрү сезбеген тараптан келди»*** [16:26]

**19-мухаррам, 1438-х.**

**20-октябрь, 2016-м.**

## Акыркы учурдагы Сирия жана Халаб шаарынын айланасында жүрүп жаткан окуялардын акыйкаты кандай?

**Суроо:** *Түркия Сирия кризисин чечүүдө Америкача жөнгө салуу сүйлөшүүлөрүн кайра жандантуу үчүн Орусия менен тыгыз байланышууну күчөттү. “БИ БИ СИ” маалымат кызматы 2016 12 02 мындай кабар басып чыкты: ( Мавлуд Чавуш уулу мындай деди: “Түркия Сирия кризисин жөнгө салуу боюнча Орусия менен кеңешет.” Түркия мамбашы Эрдоган Орусия*

*мамбашы Путин менен өткөн жумада кеминде үч жолу телефон аркылуу Сирия кризисин жөнгө салуу боюнча сүйлөштү. Ушул эле маселе үстүндө Чавуш уулу Сергей Лавров менен Түркияда жолугушуу өткөрдү.) Ушул эле учурда, Орусия Халаб шаарына жапайы үстөккө-босток чабуулун улантып жатты. Коргоо кеңешинде көтөрүлгөн, Халаб шаарында бир аз күнгө ок атышууну токтотуу тууралуу резолюция долбооруна Орусия вето койду. Орусиянын мындай жырткычтык чабуулуна карабай, Түркияны Орусия менен сүйлөшүүлөргө түртүп жаткан нерсе эмне? Азыркы мезгилдеги Сирия жана Халаб шаарындагы жүрүп жаткан окуялардын акыйкаты эмне? Аллах сизден ыраазы болсун.*

**Жооп: Жооп түшүнүктүү болушу үчүн төмөнкү нерселерге токтолобуз:**

Биринчиден: акыркы эки ай аралыгында Америка Орусия менен биргеликте Сирия жаатында кризиске кептелип калганы анык болду. Анткени, Европа Орусиянын Халаб шаарына абадан жасаган жырткыч чабуулун катуу сынга алды. Ошондой эле, Сирия ичкерисинде да Американы кабыл албай, аны четке кагуу туу чокусуна жетти. Сириядагы куралдуу жамааттар, Түркиянын “Ефрат калканы” аталышындагы аскерий иш чарасында, Америка куралдуу күчтөрүнүн кызматкерлери өздөрүнүн арасында болушун четке кагышты. Ушул учурдан тартып, Америка Сириядагы козголоңчуларды тизе бүктүрү жана аларды сүйлөшүүлөргө макул кыла турган кээ бир ийгиликтерге жетиш үчүн аскерий чабуулду күчөтүүнү лаазым деп билди. Ошол мезгилден бери Америка өзүнүн айла амалын төмөнкү багыттарга каратты:

1 – Көбүрөөк талкалоого кудуреттүү аскерий бөлүктөрдү жиберүүнү тездетүүсүн Орусияга жүктөдү. 2016 11 01 Орусиянын учактарды тартып жүрүүчү “Кузнецов” кемеси Сирия жээгине келди жана ракеталарды тартып жүрүүчү крейсерлердин бир бөлүгү да кошо келди. Сирия үстүнөн , тактап айтканда, Халаб шаарын бутага алууну тактоо иштерин тезинен баштады.

Буга кошумча, Орусия Сириядагы “Humaimam” аэропортунда өзүнүн согуштук тик учактарын жана согуштук техникаларын көбөйттү.

2 – Халаб аймагына Иран топторун көбүрөөк тартты.

3 – Түркия, Саудия ж.б. мамлекеттер аркылуу Сириядагы кээ бир чоң согуштук фронтторду суздаштыруу аракетин көрдү. Бул мамлекеттер Сириядагы согушуп жаткан жамааттарга каражат берүү аркылуу таасир өткөрүп келишет. Бул жамааттар ортосунда өз ара келишпестиктерди күчөттү жана козголоңчуларды жана алардын үй-бүлөлөрүн Идлибге ташыган автобустардын саны көбөйдү. Ушунун баары Сирия режими Халаб шаарындагы суздашкан фронттор үстүнөн өз күчтөрүн күчөтүүгө жол ачып берүү үчүн ишке салынды. Буга кошумча, бул мамлекеттер Халабдын ичинде фитна козгоону да ишке салышты. Курчоодогу козголоңчулар арасында кагылышуулар жүз берди. Бирок, Аллага шүгүр, анын жалыны көпкө узабастан өчтү.

4 – Буга утурлай, Эрдогандын “Ефрат калканы” аскерий иш чарасы да токтобостон улантылды. Түркия Сириядагы Түркияга ыктаган куралчан жамааттардын көп бөлүгүн Jarablos салгылашуусунан кийин Ал-Бааб согушуна тартууга күчтүү аракет кылды. Мунун баары Халаб шаарын курчоодон чыгаруу жана аны куткаруу үчүн чындап каршылык көргөзүп жаткан фронтторду алысыратууга каратылган эле... ( салгылашуу жүрүп жаткан майдандын отчетунда Сирия оппозициясы Халаб шаарынын чыгышындагы өзү ээлик кылып турган аймактын үч бөлүгүнөн кол жуугандыгы тууралуу маалымат берилди. Бул жоготуу “Ефрат калканы” аталышындагы Түркия куралдуу күчтөрүнүн “ИГИЛ” жана Күрд козголоңчуларына каршы аскерий иш чараларына жардам берүү үчүн Сирия опозициялык күчтөрүнүн көп бөлүгүн Халабдан чыгарып кеткендиги себебтүү болду. Сириядагы адам укутарын коргоо борборунун жетекчиси Рами Абдурахмаан “Sky News Арабияга” берген маегинде: “ Анкара “ИГИЛ” жана “Күрд” жикчилдеринин көзөмөлү өзүнүн чек арасына чейин жайылып

кетишинен коркуп, аларга  каршы согуш алып барыш үчүн “Ефрат  калканы” аталышындагы аскерий иш чарасына “Жайшул хурдун” согушкерлерин да кошуп алуу аркетин көрдү. Анкаранын буйругу “Жайшул хурдун” согушкерлеринин арасына чейин кирип барды.  Рами Абдурахман дагы кошумчалап: Түркиянын кийлигишүүсү Сирия опозициясынын жеңилишинин негизги себеби. Анткени, ал өзүнө ыктаган жамааттардын, “Жайшул хурдун” согушкерлерин өз кызыкчылгындагы согуштарга пайдаланды. Бул болсо Сирия режими жана анын союздаштарына каршы Сирия оппозициясы Халаб шаарында согуш алып барып жаткан аймактарда фронттордун алсыроосуна себеб болду.” (Sky News Арабия 2016 11 28).

Экинчиден, мына ушундай көрүнүштө Халаб шаарынын козголоңчуларына каршы катуу кысым өткөрүлдү.  Халаб шаарындагы Сирия оппозициясы жайгашкан аймактан анын көп согушкерлерин чыгарып кетүү аркылуу жана шаардын  башка аймактарын коркууга салуу, козголоңчуларды тар аймактарга камалоого алуу,  ушуга эле улай үстөкө-босток бамбалоого алуу аркылуу катуу кысым өткөрүлдү. Буга удаалаш эл аралык мамлекеттердин ок атышууну токтотууга болгон чакырыктары чыкты. Америка бул жаңы жаралган абалдардын негизинде кечиктирилбестен, Сирия кризисин саясий жол аркылуу чечүү мүмкүнчүлүгүн кайра жандантуунун ыңгайлуу учуру деп билди. Буга төмөнкү нерелер далалат кылат:

1 – Америка Халабдын чыгышындагы негизги аймактарды колго алуу Сирия козголоңуна чекит койууга жетиштүү эмес деп билди. Сириянын башка аймактарынан козголоңчуларды тазалоо кыялый иш экенин да түшүндү. Ошондой эле, узакка созулуп кеткен Сирия козголоңу коркунучтуу Исламий абалды жаратты деп түшүндү. Ошондуктан, Америка бул Исламий абалды жок кылууга шашты. Бул исламий абалды жок кылуу үчүн аскерий амалияттарга караганда саясат жана ачылып берилген коридор ыңгайлуу деп билди. Анткени, Америка өлтүрүү, талкалоо, кыргын-сүргүн кылуу аркылуу

Сирия элин тизе бүктүрүүдөн үмүтүн үздү. Америка Сирия козголоңу башталгандан бери Сирия кризисин өз планы негизиндеги саясий чечим аркылуу чечүүчү ыңгайлуу учурду издеп келет.

2 – Обаманын администрациясы ак үйдү 2017 01 20 таштап чыгып кетет. Ал дагы эле Сирия маселесинде ийгиликке жетишип чыгып кетем деп кыялданып жатат. Ошондуктан, Сирия режиминин аскерлери Халабдын чыгыш аймактарына кирип барганда, Орусия мындай деп билдирүү берди: “Америка мамкатчысы Керри Халабда келишимге жетишүү үчүн аябай катуу аракет кылды.” ( Путиндин жардамчысы Юрий Ушаков 28-ноябрда мындай деди: “ эгер Керринин аракети тууралуу сурай турган болсоңор, ал өтө катуу аракет болду”. Дагы кошучалап мындай деди: “биз бул аракетти адаттан тышкары аракет деп айтсак да болот. Америка жана Орусия тышкы иштер министирлеринин ортосундагы байма- бай телефон сүйлөшүүлөрүндө баардык маселелерден мурда Сирия маселеси болду.” ( “Россия сегодня” 2016 11 28).

3 – Америка өз ордуна саясий роль ойноп берүүсүн Түркияга тапшырды. Тактап айтканда, Керри-Лавровдун ордуна Түркия-Орусия деген саясий ролду берди. Бул саясий рол Халабдын чыгышындагы аймактардан Сирия опозициялык күчтөрүн чыгарып кетүүгө болгон Түркиянын аракетинде анык көрүнүп турат. Ошондой эле, Түркия аткаминээрлери менен Орусия жетекчилеринин ортосундагы байма-бай жоолугушуулардын көбөйүшү жана Түрк жетекчилеринин Ливан, Иранга болгон зыяраттары... ушуну түшүндүрүп турат.Түркиянын бул байма-бай жолугушуу жана зыяраттары төмөнкүдөй болду:

а) «2016 11 26 Иран мамбашы Хасан Роухани Тегеранда Түркиянын ТИМи Мавлуд Чавуш уулу менен Сирия маселесин жана аймакка тиешелүү башка документтер тууралуу талкуулашты. Буга кошумча, эки өлкө ортосундагы башка алакалар да талкууланды. Иран Ислам Республикасынын “Ирна”кабар агенттиги: Түркия ТИМи бул маселе боюнча Иран тышкы

иштер министири Жавад Зариф менен да талкуулашарын билдирди...” ( “Алжазиира нет” 2016 11 26).

б) “Анадолу” кабар агенттиги буларды билдирди: Түркия ТИМи Чавуш уулу Рияд менен Халаб шаарында тез арада ок атышууну токтотуу, ага гумжардам киргизүү зарылдыгы жана Сириядагы чыр-чатака саясий чечим табуу жолдору тууралуу талкуулашты. (“ Алжазиира нет” 2016 11 30).

в) 2016 11 30 Лавров Түркияга зыярат кылды. Орусия ТИМи Лавров “Орусия менен Түркия ортосундагы Сирия жаатындагы аскерий, саясий, дипломатиялык деңгээлдеги жетишилген келишимдер аткарылуу алкагында турат.” деп билдирди (“Россия сегодня” 2016 12 01) Лавров дагы кошумчалап: Орусия менен Түркия Сирия кризисин мүмкүн болушунча тез арада чечүү жаатында дагы кызматашат...- деди. ( “Алжазиира нет” 2016 12 01).

г) Түркия мамбашы Эрдоган Сирия маселеси тууралуу Орусия мамбашы Путин менен өткөн аптада бери эле дегенде үч жолу талкуулашты ( “БИ БИ СИ” 2016 12 02).

д) Түркия ТИМи Чавуш уулу Сергей Лавров менен бирге Түркиянын Алания шаарында пресс-конференция берген учурунда мындай деди: “бул трагедияга чек койуу үчүн ок атышууну токтотуу зарылчылыгы тууралуу келиштик”. (“БИ БИ СИ” 2016 12 01) дагы айтты: Түркия Асаддын союздаштары Орусия, Иран, Ливан менен Сирия кризисине чечим табуу үчүн кызматашуу алып барат. (“БИ БИ СИ” 2016 12 02).

е) “Sputnik” кабар агентиги оппозициялык коалициянын мүчөсү Самир Нашардын 1-декабрдагы сөзүн басып чыкты. “Үч күндөн бери Түркия аракети менен жолугушуулар уюштурулду. Бул жолугушуу өтө этияттык менен өткөрүлдү. Жолугушууга Туркия таасир өткөрө ала турган куралдуу жамааттар келди. Бирок, бул жолугушууда эч кандай чеке жылыта турган жыйынтыкка жетишилген жок”. ( “Россия сегодня” 2016 12 10) “Financial Times” гезити 1-декабрда буларды басып чыкты: “Сирия оппозоциясынын

жетекчилери Түркия жетекчилиги астында Орусия жооптуулары менен Халаб шаарында ок атышууну токтотуу тууралуу жашыруун сүйлөшүүлөрдү өткөрүштү". Газета дагы кошумчалап: "Сириянын түндүгүндөгү оппозициянын төрт мүчөсү Түркия Орусия жооптуулары менен Анкарада сүйлөшүүлөрдү өткөрүп жатат деп билдиришти." ( БИ БИ СИ 2016 12 01) "Ахраруш-Шам Исламий" кыймылы "Исламий фронт" катары Орусиянын жооптуулары менен Халаб шаарында тынчтыкка жетишүү үчүн сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө. Ошондой эле "Фатхуш-Шам" согушкерлерин "Кастелло" жолу аркылуу чыгарууну ишке ашырууну жана Халабдын чыгышындагы оору, жарадарларды БУУ көзөмөлү астында шаардан чыгарып кеткенге жол ачууну да караштырышты. "Мудун"булагы буларга токтолгон: "Фатхуш-Шамдын" чыгып кетүүсү Түркия планы боюнча ишке ашырылат. Анкара курчоодо калган аймактарга гумжардам жеткирүүнү өз моюнуна алат". ("Мудун" 2016 12 03).

ё) Ал эми Түркиянын мындай аракеттерине Американын ыраазылыгы болсо, Америка ТИМнин Түркиянын бул сүйлөшүүлөрдү алып баруусун колдоп-кубатташында көрүнүп турат. Америка ТИМнин расмий өкүлү Марк Тонер 1-декабрдагы пресс-брифингде мындай деди: " Биз Орусия Сирия козголоңчулары менен сүйлөшүүлөрдү өткөрө турган отчетту көрдүк." Дагы кошумчалап: " биздин буга карата Жоопубуз, биз Сирия элинин, айрыкча, Халаб шаарынын кыйынчылыгын жеңилдете турган ар бир аракетти кош колдоп кубаттайбыз". ("Россия сегодня"). Сирияда жүз берип жаткан окуялардын артында Америка турат. Айрыкча, ал Сириядагы кризисти жөнгө салууда Орусия менен келишип алган. 3- декабрда Орусия ТИМи Лавров Халабдагы чыр-чатакты жөнгө салуу тууралуу Америка ТИМи Керри берген сунуштар "Орусия өзү туура көргөн позицияга дал келет" деди. ("Россия сегодня" 2016. 12. 03) Лавров пресс-конференцияда мындай деди: " Орусия менен Америка Женевада - кинчи күнү кечинде, же үчүнчү күнү эртең менен чыгарып кетүү (оппозициялык күчтөрдү Халабдын

чыгышы) иши тууралуу талкуулашат". Дагы кошумчалап: "Америка ТИМи Керри чыгарып кетүүнүн жүрүшү жана убактысы тууралуу сунуштарын берди." ("Даарул Хаят" 2016. 12. 05) "Орусия тарап 5-декабрдан баштап кеңешүүлөрдү өткөргөнгө даяр экендигин билдирди. Бирок Вашингтон эксперттердин жоолугушуусун бир азга кечиктирип турууну талап кылды. Бул кеңешүүлөрдүн башталышы экинчи күнү кечинде же үчүнчү күнү эртең менен башталышы күтүлүп жатат" ("Россия сегодня" 2016. 12. 05) Түркиянын акыркы мезгилдеги тынымсыз аракеттери жана анын Орусия менен байма-бай жоолугушууларды өткөрүүсүнүн артында Америка турат. Америка Түркияны кадамга кадам түртүп жатат... Америка Орусияга кеңеш, сунуштарды берүү аркылуу сүйлөшүүлөрдү өткөрүп жатат. Обаманын администрациясы дагы деле болсо ийгилик менен ак үйдөн чыгып кетебиз деп жан үрөп жатышат. Жалгыз Халаб шаарында ийгиликке жетишүү менен болсо дагы....

Үчүнчүдөн: Американын согушуп жаткан жамааттарды сүйлөшүүлөрдү өткөрүү үчүн столго отургузуу жана саясий чечимге жетүү мүмкүнчүлүгү канчалык деңгээлде экендиги төмөнкү нерселерде көрүнөт:

1 – Сирия ичкерисинде Сирия кризисин тынтчык жолу менен чечилүүсүн четке каккан көз караш күн санап өсүүдө. Сирия эли эл аралык мамлекеттер Түркия, араб мамлекеттери, Орусия, Америка Сирия козголоңуна каршы тил бириктирип жатканын күмөндөнбөстөн ойгоолук менен сезип калышты... Сирия ичиндеги ушул көз караш Сирия ичинде согушуп жаткан жамааттар сырттан жардам алуу аркылуу сырттагылардын сөзүн сүйлөп калуусу бир кыйла таасирлентип, аларды өзүнүн жүрүш-турушун оңдоого мажбур кылды. Бул нерселер элдешүү, келишүү жана фронтторду суздаштыруу иштеринде анык көрүндү. Ошондой эле, кызыл сызыктан өтүп кетүү, "Альмог" жана "Moum" ( Америка башчылыгындагы координациялоочу жана инструкция берүүчү штаб квартиралар. Биринчиси Иорданияда, экинчиси Түркияда жайгашкан) штаб квартиралары берген

координация, инструкцияларды лаазым тутпоо иштеринде да ачык байкалды. Сириянын ичиндеги бул жалпы элдик маанай жана жамааттарга жасалган басым мурдараак Халабдын чыгышынан Сирия режимин жана анын союздаштарын кууп чыгууга эле каратылган болсо, азыр бул жалпы элдик маанай күн санап күчөп, өлкөнү өз кучагына алып жайылууда жана тынчык сүйлөшүүлөрүн алып барабыз деген жамааттарды кыянатчы катары каралап, алардын жеткечилерин жолдон чыгууларын талап кылышууда. Халаб шаарына каратылган ушундай жапайы аскерий иш-чаралардын жүрүүсүнө карабастан, бир күчкө айлануу максатында, Халабдын ичиндеги жамааттар маселени өздөрү чечүүгө жана Халабдын армиясын негиздөөгө демилге көтөрүштү. Бул демилге чоң кооп-коркунч алдындагы сырткы күчтөрдөн кол үзүүгө болгон эң жакшы кадамдардан. (Сирия оппозоциялык коалициянын мүчөсү Самир Нашар Орусия жана Түркия Сириядагы сугушуп жаткан жамааттар менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүсүндө эч кандай натыйжага жетишилбегендиги тууралуу сөз козгоду. Самир негизги токтомду Халабдын ичинде курчоого калган козголоңчулар кабыл алышарына токтолуп, мындай деди: “бул жолугушулар эч кандай жыйынтык бербеди. Анткени, Халабдын ичинде курчоодо калган козголоңчулар шаардын сыртындагы жетекчилеринин токтомуна карабастан, өз алдынча токтом кабыл алышты. Ошондуктан, шаардын ичинде курчоодо калган козголоңчулардын токтому өтүмдүү болуп калды” (“Россия сегодня” 2016 12 01) Халабдын ичиндеги куралдуу жамааттар шаардын сыртындагы коркутуу, кыянатчыл сүйлөшүүлөргө көңүл бурушпады жана кол куушуруп отуруп беришпеди. (Орусия Америка менен Сирия опозициясынын күчтөрүн Халабдан чыгарып кетүү тууралуу сүйлөшүүлөр баштоого даярдык көрүлүп жатканын билдиргенден кийин, Сирия опозициясынын жооптуусу: Сирия опозициясынын жетекчилери Халабдын чыгышын эч качан Сирия өкмөттүк күчтөрүнө бербешин айтты. (“Reuters” маалымат булагынын негизинде. “Аль-хуррат” 2016. 12. 03).

2 – Мына ушундай көрүнүштө каптап келген чоң кооп-коркунуч астында кол куушуруп моюн сунбастан, саясий чечимдерге макул болбостон, козголоңдун башаты “Халаб” шаарын кылып алуу менен Сирия эли ойгонду. Балким, араб мамлекеттери жана Түркияга ыктаган куралчан жамааттарды өз жүрүштөрүн оңдоого катуу басым кылышты. Анткени, ушул жамааттар сыртан акча алуу менен козголондун өз жолу менен кетишине катуу тоскоолдук жаратып жатышкан эле... Мына ушундайча жакшы менен жаман ажыралды... Жаманы – бул Түркия,араб мамлекеттери ж.б. малекеттердеги төрөлөрүнүн сөзүнө кулак салуу жана саясий чечим катары Америка малайларынын тил биритирүүлөрүнүн негизинде козголоңду алар даярдап койгон орго салып берүү. Ал эми жакшысы – бул кайратуулукту бекем тутуп, бир гана Аллага тизе бүгүү, мына ушул жакшысы. Ушул жакшылык Орусия, Түркия, Араб мамлекеттеринин, Американын айла-амалдарын сапырылган чаңга айлантат.

Ушул жапайы аскерий чабуулдар жана Халабдын легендага айланган кайраттуу каршылыгы жергиликтүү эле жамандыктын бетин ачкан жок. Балким, айрыкча, Иран,Саудия, Түркиянын чыныгы жаман жүзүн ачты. Иран Американын планы негизиндеги Орусия кылган жапайы кыргындардан ашса ашты, кем калбады. Саудия болсо согушуп жаткан кээ бир жамааттарга акча берүү менен аларды кыянатчы сүйлөшүүлөргө түрттү. Түркия болсо Американын планын ишке ашыруу үчүн адаштыруу, чалгытууну курал кылып алды. Ал үнүн бийик көтөрүп, Халабды жардамсыз таштабайм деди, бирок, бүткүл дүйнө коз алдында аны жардамсыз таштады. Бул эле эмес, анын бир буту Халабда баткакка сайылып турса дагы, Халабды коргобостон, бутун андан алыс алып кетти! Кийин ал экинчи жолу Хама болбойт деп үнүн бийик көтөрүп кыйкырды , бирок экинчи, үчүнчүлөрү болду, ал былк этпестен чээнинде жатты! Бул позиция аны кыжалатка салганда, кайрадан ал үнүн көтөрүп кыйкырууга белсенип, Эрдоган “Ефрат калканы” аскерий иш чарасындагы көздөлгөн максат – Асадды кетирүүгө каратылган” деди. (

Түркия мамбашы Эрдоган 29-ноябрда Стамбулда Куддуска арналган симпозиумда сүйлөгөн сөзүндө мындай деди: “Сирияга “Жайшул Хур” менен биргеликте кирдик”, дагы кошучалап: “эмнеге кирдик? Сириялыктарды террордук мамлекет менен коркууга салып жаткан тогут Асаддын бийлигине чек койуу үчүн кирдик. Биз мындан башка максат менен кирген жокпуз” – деди. ( “Россия сегодня” 2016 11 29) Бирок анын үнүнүн жаңырыгы өчө электе, Халабды эртели-кеч бомбалоого алып жаткан Орусияны ыраазы кылуу максатында ал сөзүнөн кайтып башканы сүйлөдү! (Түркия мамбашы Эрдоган мындай деди: Түркия куралдуу күчтөрүнүн жетекчилиги менен үзгүлтүксүз алып барылып жаткан “Ефрат калканы” аскерий иш-чарасы бир адамдын же бир өлкөнүн өзүнө каратылган эмес“. 24- августтан бери уланып жаткан бул аскерий иш-чара террористик организацияларга каршы күрөшүүгө каратылган”. (TRT арабия 2016. 12. 01) Орусия Эрдогандын Асадды кетирүү деген сөзүн мааниси жок сөз катары баалады. Орусиянын ТИМи 1-декабрда комментарий берип мындай деди: “Москва ишин эки өлкө ортосунда жетишилген жана аткарылып жаткан келишимдер негизинде алып барат. Көп жолу айтыла берген бир тараптуу билдирүүлөрдүн негизинде иш алып барбайт” (Россия сегодня 2016. 12. 01). 2016. 12. 07 Йылдырым Москвага болгон зыяратында “Интерфакс” орус маалымат агенттигине берген маегинде: “Ефрат калканы” аскерий иш-чарасы тууралуу мындай деди: “анын Халаб шаарынын айланасында болуп жаткан окуяларга тиешеси жок жана Сирия бийлигин өзгөртүүгө эч кандай алакасы да жок”. (“Холиж онлайн” 2016. 12. 07).

Төртүнчүдөн, ушундайча Америка Орусиянын Сирияда жапайы кыргын алып баруусунда аны менен шайкеш иш алып барды. Ошондой эле, Түркия жетекчилигиндеги “ Ефрат калканы” аскерий иш-чарасынын жана анын алкагына кошуу үчүн оппозициялык күчтөрдүн согушкерлерин Халабдан чыгарып кетип, Халаб фронтторунун алсырашына алып келгендиги артында да Америка турду. Орусия менен Сирияда согушуп жаткан жамааттар

ортосундагы күмөндүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү артында да Америка турду. Кийин Иран жана башка малайлардын Сирия козголоңуна каршы үйүлүшүнүн артында турду. Америка Рияд конференциясында Сирия опозициясына курал берүүдөн тыйып койуунун артында турду. 2016 12 07 эч бети кызарбастан Америка конгресси “жаңы шайланган Трамптын администрациясына жерден жана абадан тик учакка каршы колдонулуучу ракетаны Сирия оппозициясына берүүнү макулдаган мыйзам долбоорун жактырды”... “Вашингтон пост” гезити буга токтолду: “бул мыйзам долбоорунда бул куралды жеткирүү иш чарасында кээ бир чектөөлөр да каралган”. ( “Аль-арабия” 2016 12 07) Бул мыйзам долбоору Халаб талкаланып бүтөйүн деп калганда кабыл алынды. Анын ишке ашып кетүүсү да арсар. Ал ишке ашкан күндө да, колго илинбеген курал болуп кала берет! Ал курал Ислам жана мусулмандар душманынын уруксаты менен гана атыла турган болот. Карышкырдан козуга жакшылык барбы? Кийин бул мыйзам долбоору азыр эмес, балким шайлана электен мурун Сирия оппозициясына курал берейм деген Трамптын башкаруу мезгили башталганда берилерине токтом кылышты! Бул деген адаштыруунун үстүнө адаштыруу болуп саналат. Халаб бардык талкалоолорго карабастан, ал кайрадан ойгонот. Бүтүндөй Шам жергеси жана анын кашкасы болгон Халаб аларды кыргын-сүргүн кылып жаткан Америка, Орусия, жана анын малайларынын тамактарына сайылган канжар болуп калат. Алар өздөрү кыялданган жеңишке эч качан жетише алышпайт. Алар өлкөгө кире алышпайт, бир гана аны бүтүндөй талкалоо менен гана кире алышат, бирок, бул дегени женилген жеңиш... Алар бир да козголоңчуну кайтара алышпайт, болгону аны шейит кетирүү менен гана кайтара алышат. Бул дегени жеңилген жеңиш... Алар ракеталарды , бомбаларды, танкаларды жана миңдеген аскерлерди жүздөгөн козголоңчуларга каршы койушту. Бирок ошондой болушуна карабастан, аларга бетме-бет келе албай, абадан,деңизден, ракеталар менен аткылап

бомбалоодон башкасын кыла алышпады. Бул дегени, чыныгы эркектердин алдындагы коркоктордун “жеңиши”.

Америка жана Орусия, алардын союздаштары, малайлары – кресттүүлөр жана монгол-татарлардын Ирак, Шам жерлеринде кылган – жапайы кыргын жолу менен жүрүүнү каалашууда. Алардын тагдыры эмне болгондугуна көңүл бурушпады. Мусулмандар аларды өз жерлеринен ит куугандай кууп чыгышкан эле жана кайрадан ойгонушуп, Ислам жана мусулмандардын улуулугун кайтарып алышкан. Халифатын күчтөндүрүшүп, Ираклийдин шаары Константинополду фатх кылышып, Исламбулга (Стамбул) айлантышты. Москвага жакын кирип барышты. Вена дарбазаларын кагышты. Азыркы эл аралык мамлекеттердин күнү бүтүп калганын – эртеңди көрө ала турган адам кыйырдан көрүп турат. ***«Залим кимселер жакында кандай акыбетке карап бара жатышканын билип алышат»*** [26:227]

**7-декабрь, 2016-м.**

## Халабдагы окуялардын акыйкаты кандай жана аны жардамсыз таштап, ага кыянатчылык кылынышынын себептери эмнеде!

**Суроо:** *Халабдагы 2016-жылы 26-ноябрдагы салгылашуудан эки жума өтпөстөн, жайкын тургундарды жана согушкерлерди Халабдан чыгаруу иш чарасы башталды. Андан кийин бир жумага жетип жетпестен, Халабдын чыгыш бөлүгүнөн тургундарды жана козголоңчуларды үй-бүлөлөрү менен кошо чыгаруу иштери башталды. «Бейрут-Амман», «Reuters» маалымат агенттиктери берген маалымат боюнча, миңдеген адамдар Халабдын чыгышындагы аянтка чогулушуп, «кызыл крест» уюмунун дем алыш күнкү чыгарып кетүүнү кайра жандантуу демилгеси аркылуу, аларды оппозиция көзөмөлдөгөн аймакка чыгарып кетүүлөрү үчүн автобустарды күтүп турушат. Чогулгандардын айтымында, Халабдын борбордук аянтында 15 миңден ашуун адам чогулган. Алардын көпчүлүгү оппозиция көзөмөлдөп турган аймактагы козголоңчулардын үй-бүлөлөрү жана жайкын тургундар. Ошондой эле, азыраак сандагы козголоңчулар да бар. Уюштуруучулар ар бир*

*үй-бүлөгө автобуска түшүүгө уруксат бере турган номер берген... («Reuters» эл аралык араб кызматы, 2016 12 18.). Халабдын чыгыш аймагын каршылык кылбастан Сирия режимине жөн эле берүүгө кайсы себеб шаштырды? Эске сала кетсек, мурунку отчеттордо Халаб режимге каршы бери дегенде бир жыл күрөшө турган мүмкүнчүлүгү бардыгы тууралуу айтылган эле? Козголоңчулардын алсызданышына эмне себеб болду, же буга кыянатчылардын тил бириктирүүлөрү себеб болдубу? Рахмат.*

**Жооп:** Халаб Орусия, Иран жана анын малайлары аркылуу – Америка планын аткаруу негизинде – эң жапайы  кыргынга кабылды. Тоо чыдагыс мындай жапайы кыргынга Халаб кайраттуулук менен каршылык көргөздү. Халаб өзүнүн оору экендигине карабай, узакка каршылык көргөзүүгө дарамети бар болчу. Бирок, Түркия Орусия менен тил бириктирип, Түркияга ыктаган куралдуу жамааттар Халабды жардамсыз таштап чыгып кетүүлөрү үчүн, Түркия аларга басым өткөрүү жана аларды чыгып кетүүгө  көндүрүү аркылуу Түркиянын Халаб маселесине кийлигишүүсүн Америка Түркияга буюрду. Мына ушул иш аркылуу Халабды «берип коюу» көрүнүшүндөгү туруксуздук келип чыкты. Американын бул планы боюнча, Түркия Орусия менен шайкеш иш алып барып, Асаддын күчтөрү Халабдын чыгышына жеңил кирүүсүнө жол ачып берүү Түркияга милдеттендирилген. Мына ушундай көрүнүштө Халаб кулады. Ал режимдин күчтүүлүгүнөн кулаган жок. Тескерисинче, ал Америка көрсөтмөсү менен, Түркия-Орусия кызматташтыгында, Америка планын ишке ашыруучу кыянатчы тил бириктирүү аркылуу кулады. Путин бул ишке Эрдогандын шерик экендигин ачык айтты. Аны ачыктап эле койбостон, пресс-конференцияда коомчулук алдында шермендесин чыгарды. Путин пресс-конференцияда Халабдагы иш-чара Эрдоган Санкт-Петербургга иш сапары менен келгенде жетишилген келишимдин негизинде ишке ашырылгандыгын айтты: Орусия президенти Путин Халабдын чыгышындагы куралдуу жамааттарды чыгаруу иш чарасы – Эрдогандын август айындагы иш сапарында жетишилген келишимдин

негизинде – ишке ашканын билдирүү аркылуу саясий бомбаны жардырды. Путин жума күнү Токиодо Жапон премьери Синдзо Абе менен пресс-конференция берүү учурунда мындай деди: «Баарынан мурун жайкын тургундарды коргоо максатында, куралдарын таштай турган согушкерлерди Халабдан чыгаруу иш-чарасына Түркиянын катышуусу Түркия менен келишилген». Дагы кошумчалап: «Мен көрүп жаткан Халабдагы окуялар Түркия президенти Эрдоган Санкт-Петербургга келгенде жетишилген келишимдин дал өзү», - деди. (Elaf, 12.16.2016, Sputnik Новости, 2016/12).

Жоопду Путиндин билдирүүсү менен да бүтүрүп койсок жетиштүү болмок, бирок Халаб кантип козголоңдун кашкасына айлангандыгы тууралуу кененирээк токтолобуз. Кызыл сызык болуп турган баатыр Халаб кантип Түркиянын кыянатчылдыгы менен кан аккан сызыкка айлангандыгына токтолобуз. Ошондой эле, Түркияга ыктаган куралдуу жамааттар – Аллах жана Анын расулуна кыянаттык кылган кыянатчы мамлекеттер сунган ит жеминдей жемге алданып – Халабды эң маанилүү күндөрдө жардамсыз таштап, анын артынан канжар сайганына токтолобуз. Бул иштер төмөнкү нерселер менен ачык болот.

Биринчиден: Халабдагы жана анын айланасындагы козголоңчулардын күчү аз убакыттын ичинде алсыроосу мүмкүн эмес болчу! Эки жума аралыгында 2016.11.26. режим күчтөрү Халабдын эң чоң ройону «Hanano»дон кирип барышты. Кийин дагы алга жылып, «Alsakhur» аймагын колго алышты. Режимдин күчтөрү күтүлбөгөн абалда жеңил-желпи алга жыла берди. Ал эч кандай каршылыкка учурабастан, тактап айтканда, Эрдоган аралашпай койгондо жолукчу каршылыкка жолукпастан, алга жылды. Эки күндүк тыныгуудан кийин, режимдин күчтөрү түштүк тарапты көздөй бет алышты жана «Шейха Саид» аймагын басып алышты. Ушул эле маалда, абадан да, кургактыктан да эң жапайы чабуул кылынды. Тирүүлөй өрттөштү. Ушунун баары Халабдан чыгып кетүүнү четке каккан козголоңчулардын жүрөгүнө коркуу салуу үчүн жана аларды тез арада

Халабдан чыгып кетүүгө мажбур кылуу үчүн кылынды. Халабга карата аскерий иш-чара  башталышынан тартып Түркия Орусия менен Сирия жаатында тыгыз кызматташтык алып барды. (2016.12.02. Би Би Синин маалыматында, Мавлуд Чавуш уулу мындай деди: «Түркия – Асаддын союздаштары Орусия, Иран жана Ливан менен – Сирия кризисинде чечимге жетүү максатында кеңешүүлөрдү алып барат». Түркия мамбашы Эрдоган Путин менен Сирия жаатында бери дегенде үч жолу телефон аркылуу талкуулашты. Анын арасында Чавуш уулу Сергей Лавров менен ушул эле маселени талкулоо максатында Түркияда жоолугушту). Түркиянын ушул аракетинин баары Вашингтондон толук көрсөтмө алгандан кийин, Халабдагы кыргынды баскычма-баскыч алып баруу максатында кылынды. Түркия, Орусия жана аларды жандоочулары Американын бул планын аткарууга киришишти.

Экинчиден: Түрк жооптуулары келишимди аткаруу аралыгында таң каларлык билдирүүлөрдү берди. Мурдатан Халабдан «террористтерди» кууп чыгуу боюнча эч сөз айтпаган Түркиянын эми сөз айта башташы адаттан тыш көрүнүш болду. Алгач, Түркия ТИМи Чавуш уулу Сириянын түндүгүндөгү аймакта кагылышууларды токтотууну талап кылды. Ошондой эле «Фатхуш-Шам», «Жабхатун-Нусра» жамааттарын тезинен Халабдан чыгып кетүүгө чакырды. («Аль-жазиира нет», 2016.10.27.). Түркиянын бул билдирүүсү, Америка жетектеген Лозаннадагы Сирия боюнча жыйындан кийин болду. Ушул убакыт аралыгында, Америка абдан назик роль ойноп жаткан Түркия менен биргеликте майдан жаратууга киришти. Кийинки күнү Түркия билдирүүлөрдү катуу түрдө берүүгө өттү. 2016.10.17. «Press Association» маалымат кызматынын маалыматына караганда, Түркия ТИМи Чавуш уулу мындай деди: «Халабды «Жабхатун-Нусра» террористтеринен тазалоо зарыл, ошондой эле, Сирия оппозициясы алардан кол үзүүлөрү да лаазым». Түркия бул билдирүүсүн Америка, Орусия, Иран, Ирак, Миср, Түркия, Саудия, Катар, Иорданиянын ТИМдери жана Сирия боюнча БУУнун

атайын өкүлү Стефан ди Мистура Швецариянын Лозанна шаарындагы жоолугушууларынан бир күн өткөндөн кийин берди. Түркия «Жабхатун-Нусраны» БУУ алдында биринчи жолу террористтик жамаат катары баалады. Ал эми, Түркия-Орусия ортосундагы келишимди Түрк басылмалары басып чыгышты. 2016.10.31. түрк гезити «Йени Safak» мындай маалымат таратты: «Түркия жана Орусия ортосундагы Сирия жаатындагы жаңы долбоор боюнча өз ара түшүнүүлөргө жетишилди. Ал долбоордун негизинде, Халаб, Латакия, Идлиб, Хасаке, Дейр-аз-Зор аймактары, бул аймактардын демографиялык түзүлүшүн эске алуу менен, Сирияда согуш башталa элек абалына кайтат». Кийин Эрдоган Орусия менен жетишилген келишимде келген «Халабды берүү» планын ишке ашырууга шашыла киришти...

Үчүнчүдөн: Америка аз убакытка парда артына кирди. Сирия майданында Эрдоган жана анын айланасындагылардын жылдызы жана баштады. Халабга чабуул башталганда, кылмышкер Орусия менен Сирия оппозициясы ортосунда сүйлөшүүлөр жүрүп жатканын Түркия капыстан жарыя кылды. Сүйлөшүүгө «Ахраруш-Шам», «Жайшул-мужаахидин», «Файлакуш-Шам», «Жабхатуш-Шамия» жамааттары катышты. («Түрк пресс», 2016.12.08.). Сирия оппозициясынын бул делегациясы Эрдогандын Вашингтондо даярдалган кылтагына түшүп калышты. Мына ушул сүйлөшүүлөр Орусия менен Түркияга Халаб майданына жол ачты. Орусия «Фатхуш-Шамдын» Халабдан чыгып кетүүсүн талап кылды. Орусия бул талабын мурдатан билдирип келе жатканына карабастан, муну Халабга карата кургактыктан чабуул башталганда билдирди. Ошондой эле Анкарада Түрк жооптууларына ушул иш менен алектенүүнү сунуштады. Сирия оппозициясына Түркия тараптан «террорчулар» менен байланышпоо талап кылынган кат келди. Сүйлөшүүлөр Халабга карата кыргын, чабуулдарды улантуу менен коркутуп жүргүзүлдү. Кийинки күнү Орусия Халабдан бүтүндөй согушкерлердин чыгышын талап кылды. Куралдуу оппозиция тараптан сүйлөшүүлөргө катышып жаткандар Орусиянын талабы Түркиянын

да талабы экендигине анык түшүнүп жетишти. Оппозиция Халабдан чыгып кетүүлөрү үчүн аларга карата катуу басым өткөрүлдү. Тактап айтканда, шаарды режимге жана анын союздаштарына тапшырып берүүлөрү үчүн катуу кысымга алынды. Анкарадагы куралдуу оппозициянын өкүлдөрү Орусия, Иран жана режимдин кыргын-сүргүнү аркылуу коркутулуп, Халабды «тапшыруу» талаб кылынып жатканы Халабдын ичиндеги козголоңчуларга анык болгондой кийин... Халабдын ичиндеги козголоңчулар Халабды таштап чыгып кетпейбиз деп, Анкарадагы куралдуу оппозициянын делегаттарына билдиришти. Кийин Халаб армиясын түзүү демилгеси көтөрүлдү.

Төртүнчүдөн: Орусия Түркияда Орусия жана Түркия менен сүйлөшүүлөргө катышкан козголоңчулардын бир бөлүгү Түркиянын кысымына моюн сунгандыктары тууралуу маалымат тарата баштады. Тактап айтканда, сүйлөшүүлөргө катышкан козголоңчулардын аскерий же саясий жетекчилери болобу, айырмасыз, Түркиянын кысымына моюн сунушту деген маалымат таратты. 2016.12.06. Орусиянын «Россия сегодня» каналынын тараткан маалыматында Сергей Рудской мындай деди: «3500 умеренный оппозициянын согушкерлери куралдарын таштап моюн сунушту. Алардын 3 миңине ырайым берилди». Орусия салгылашуу учурунда, Түркия таасир өткөрө ала турган Халабдагы козголоңчуларды чыгаруу иштери эртелеп башталгандыгы жана алар өздөрү турган аймактарды режимдин аскерлерине, ошондой эле, режимдин союздашы болгон Күрд куралдуу жамааттарына бошотуп бере баштагандыктары тууралуу маалымат тарата баштады. Мына ушундайча, Халабдагы бул жамааттар Түркиянын Халабды жардамсыз таштоо талабына Жооп беришти. Алар сүйлөшүүлөргө катышып жаткан делегаттар аркылуу, Түркия, Саудия, Катардын ит жеминдей жемине алданган аскерий, саясий жетекчилери аркылуу Түркиянын кысымына моюн сунушту. Бул жамааттар согушпастан Халабды жардамсыз таштап койушу себебинен, тактап айтканда, алар  Халабдан чыгып кетүүнү четке кагып ал

аймакта калып калган жамааттарды жардамсыз таштап койушу себебинен, мейли, алар Халабдан чыгып кетиштиби же жокпу, айырмасыз, Халабды «тапшыруу» иши жүзөгө ашты. Эгер мындай кыянатчылык болбогондо, Сирия түндүгүндө Америка тамагына тыгылып турган, козголоңдун чеби болгон Халабды режимдин күчтөрү мындай тездикте алуусу мүмкүн эмес болчу. Аскерий талдоочулардын айтымында, Халабдын дагы бир жыл толук режимдин күчтөрүнө каршылык көргөзүү мүмкүнчүлүгү бар болчу. Ошондой эле «Азия Ньюс» 2016.12.07. оппозиция жетекчилеринин электрондук барактарынан жылжып чыккан маалыматты таратты. «Козголоңго кыянатчылык» деп сыпатталып келген маалыматта, куралдуу жамааттардын кээ бир жетекчилери Вашингтонго моюн сунуу жана Халабды үчүнчү күнү эртең менен бошотуп берүү тууралуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөндүктөрү айтылган. Ошондой эле ал баракта: «Орусия менен Америка ортосундагы келишим Халабды режимге жана Иранга бошотуп берүүгө аларды мажбур кылгандыгы да айтылган».

Бешинчиден: Түркия Халабдагы аскерий чабуулдарга катарлаш эле Аль-Баб шаарында «ИГИЛ»ге каршы согуш алып барды. Эрдогандын мунусу Халабды «тапшыруу» үчүн дагы бир ыкма эле. Анткени, «ИГИЛ»ге каршы согушуу үчүн Халабдагы оппозиция согушкерлерин Аль-Бабга алып баруу муктаждыгы жаралды деген Эрдоган үчүн актануу мүмкүндүгү жаралмак. Халабдагы кызуу салгылаш жана андагы мусулмандарды коргоо Эрдоган үчүн эч кандай баага арзыбады. Балким, ал дүйнө жана акыретте акыбети кандай болоруна карабастан, Америка планын аткарууга аябай ынтызарлык менен иш алып барды. Түркия Халабдагы өзү таасир өткөрө ала турган жамааттарды «Ефрат калканы» алкагында, Аль-Баб шаарына «ИГИЛ»ге каршы согушуу үчүн баруулары үчүн катуу кысымга алды. Ошондуктан, Халабдын чыгыш фронтторунда алсыроо жүз берди. 2016.12.08. Халабдын түндүгүндөгү «Шейх Саид» аймагын коргоп жаткан козголоңчуларды жардамсыз таштап койуу абалы туу чокусуна жетти. Анткени, бул аймактагы

козголоңчулар катуу каршылык көргөзгөндүктөн, эки жумадан бери режим күчтөрү жана союздаштары бул аймакка кире албай жатышкан. Бирок, Түркия өзү таасир өткөрө ала турган жамааттарды Аль-Бабга чыгарып кетүүсү себебдүү, козголоңчулар көзөмөлдөп турган аймактар алсырады. Козголоңчулар көзөмөлдөп турган аймактар түндүк-батыштан Салахидин жана Сакхур аймактарына кысылып, башка аймактардан качып келген жайкын тургундар да ошол аймакка тыгылып калды. Ошол эле маалда, коркутуу максатында, Түркия Халабдан козголоңчуларды жана жайкын тургундарды чыгаруу тууралуу Орусия менен келишимге жетишилгендигин жарыя кылды. Сирия оппозициясынын маалымат булагы – курчоодо калган Халаб шаарынын чыгыш бөлүгүндөгү козголоңчуларды жана жайкын тургундарды чыгарып кетүү үчүн ок атышууну токтотуу тууралуу – режим менен келишимге жетишилгендигин жана ал келишим үчүнчү күнү эртең менен күчүнө кирээрин билдирди. Франция маалымат агенттиги «Нуриддин Зангий» жамаатынын жооптууларынын сөзүн басып чыкты: «Келишим Орусия жана Түркия демилгеси менен жүргүзүлдү. Аны аткаруу келерки сааттарда күчүнө кирет». Түркия ТИМи Чавуш уулу: «Түркия Халабда ок атышууну токтотуу үчүн Орусия менен тыгыз иш алып барат, айрыкча, жайкын тургундардын чыгып кетүүсүнө жол ачылып берилет» деди. («Ахбаару аль-аан», 2016.12.13.). Бул адаттан тыш көрүнүш болду. Келишимге жетишип-жетишилбей туруп, ал тез арада т.а. таңкы беш-алтынын ортосунда күчүнө кирди. Мындан максат, козголоңчуларга башка жолдорду ойлонууга мүмкүндүк бербестен, алардагы жеңилүү сезими тарай электе аткарып калууга шашылышты. Ушунун баары Түркиянын «жайкын тургундарды тезирээк куткарып калуу зарыл» деген чүмбөтү астында ишке ашты.

Алтынчыдан: Түркия таасири астындагы жамааттар – мусулман адам эч бир кабыл албай тургандай кыянатчылык менен – Халабдан чыга баштады. Орусия буга  маашырланды. Орусия генштабы 16-декебрь күнү мындай

билдирүү берди: «Халабдын чыгышында Сириянын умеренный оппозициясын терорчулардан бөлүү толук ишке ашты». Мындан бир күн мурун Орусиянын координациялоо борбору «Humaimam центр» Сириядагы келишим тууралуу минтип жарыялаган: «Халабдын чыгышынан согушкерлерди жана алардын үй-бүлөлөрүн чыгаруу иш чарасы аяктады». Орусия коргоо министри мындай деди: «Сирия армиясы экстремисттердин очогун талкалады». («Россия сегодня», 2016.12.16.). Ушул жерден Түркия өз таасири астындагы жамааттарды чыгарышы жана Халабда аз сандагы ыкластуу козоголоңчуларды, жайкын тургундарды калтырышы менен – Түркиянын Сирия козголоңуна каршы тил бириктирүүсүнүн бети ачыла баштады. Себеби, ал аз сандагы козголоңчуларды Орусия, Иран жана анын союздаштары менен жекеме-жеке калтырып, аларды түп тамырынан жок кылууну максад кылышты. Анткени, Түркия ТИМинин жана Орусия координациялоо борборунун билдирүүлөрү боюнча, алар «террористер» деп саналышат эле. Орусия бул билдирүүлөргө удаалаш, козголоңчулардын бир тайпасын, алар менен бирге жайкын тургундар көп экенине карабастан, туткундоо же жок кылуу үчүн, бир бурчка камалоого алды. Түркия алып чыгып кетүү иши токтоп калганына карабастан, алып чыгып кетүү иши жүрүп жатат деп билдирүү берип жатты. Анткени, Түркия Халабдан чыгып кеткен өз таасири астындагы жааматтар алдында өзүн оңтойсуз сезгендиктен ушундай билдирүү берип жатты. Ушул жамааттар Түркиянын чыгып кетүү талабына кыңк этпей моюн сунушту. Азыр алар Түркия-Эрдогандын, тактап айтканда, Америка менен Орусиянын умеренный оппозицияны «террористтерден» бөлүү деген планы алкагындагы Эрдогандын тузагына түшүп калгандыктарын сезишти. Мына ушундайча Халабда жаңы кырдаал пайда кылынды. Бул кырдаалдын негизинде ыкластуу козголоңчуларды жекелентип, бутага алуу жеңил болмок. Ошентип, Америка, Орусия, ошондой эле, Эрдоган Америка планы ишке ашканына маашырланышты.

Халаб окуясын аягына чыгаруучу жыйын тээ алыскы Казакстанда болору белгиленди!

Жетинчи: Ошентип, Америка Обама администрациясынын аз убакты калганына байланыштуу бир азыраак мезгилге парда артына кирди жана Түркиянын ийине жеткире роль ойноп бергенине маашырланды. Ал сүйүнүчүн жашыра албай Эрдогандын бул ишине ыраазылыгын да билдирди: Түркия президенти Эрдоган төртүнчү күнү Сирия, Ирак  жаатында Америка президенти менен телефон аркылуу талкуулашкандыгын жана Түркия Халабдан жайкын тургундарды чыгарып кетүүнү көзөмөлдөй тургандыгын айтты. («Reuters», 2016.12.15.).

Обама Халабдан жайкын тургундарды жана оппозицияны чыгарып кетүү үчүн ок атышууну токтотууга ортомчулук кылгандыгына карата Эрдоганга ыраазылык билдирди. («АКШ мамдеп сайты «Twitter», 2016.12.16.).

2016.12.15. Америка ТИМнин Халабдагы чыгарып кетүү иш чарасы тууралуу берген баяндамасында, Американын «макулдашылган тыныгуу» аралыгында мындай чоң ийгиликке жетишилгендигине аябай ыраазы экендиги ачык байкалат.  Керри мындай деди: «Биз азыркы Халабдын дайыма душмандашкан абалда калуусун каалабайбыз. Согушту токтотуунун бир гана жолу – бул сүйлөшүүлөрдү алып баруу. Оппозиция сүйлөшүүлөрдү кайра жандантууга кызыкдар экендигин билдирди». («АКШ мамдеп сайты «Twitter», 2016.12.16.).

«Аль-Кабас» гезити жогорку денгээлдеги расмий булакка таянуу менен мындай маалымат таратты: Өткөн жумада Парижде Халаб жана бүтүндөй Сирия жаатындагы кырдаал тууралуу тышкы иштер министирлер деңгээлиндеги жыйналыш болду. Жыйналышта Америка ТИМи Керри мындай деди: «Орусия, Сирия режими жана анын союздаштарына толук түрдө моюн сунууларын Сирия куралдуу-саясий оппозициясынан талап кылуу иши качып кутулгус болчу». «Аль-Кабас» ошол эле булакка таянуу

менен: Керри жыйналыш маалында Халабдан бардык согушкерлердин чыгып кетүүсүн жана Сирия оппозициясы эч кандай шарт койбостон сүйлөшүүлөр столуна отурушун талап кылды, деп таркатты. Ушул эле булак дагы кошумчалайт: Катышуучулар Асадга жана анын союздаштарына басым жасай турган жолдор тууралуу Керриден сурашканда, Керринин Жоопу аларды таң калтырды. Керри тайсалдабастан мындай деди: «Президент Обама «ИГИЛ»ге каршы күрөшүүгө гана чечим кылган». («Аль-Кабас» газетасынын сайты, 2016.12.13.).

Сегизинчиден: Мына ушул кандуу театрды, кандуу планды – Америка ыраазылыгы үчүн – Эрдоган ишке ашырып берди. Халаб шаарындагы бул кандуу трагедиянын негизги себеби, Халабдагы куралдуу жамааттардын жетекчилери дүйнө жана акырети үчүн эч нерсеге арзыбас, Түркия, Саудия ж.б. тарабынан берилген акчага ыраазы болушуп, кыянаттык менен Халабды «тапшырып» койуулары болду. Мына ушул акчалар бул жамааттардын жетекчилеринин моюнуна салынган кишен болду. Алар мурда «эч качан элди сатып кетпейбиз» дешкен эле. Мына эми Түркия, Саудиянын кул базарында сатылып кетишти. Сооданын алгачкы бөлүгү бүтөрү менен эле, тентиреп селсаяктык кылып калышты. Ошондой эле, алар Халабды кыргынга салган соодаларынын акыбетин да көрүштү. Мындан эскертме алуучу барбы? Саясий максатта берилген акчаны кабыл алуу, бул өзүн-өзү өлүмгө түртүүнүн дал өзү экендигин билбеген да жан барбы?

Ал эми Американын «макулдашылган тыныгуу» аталышындагы планы аягына чыкканы менен, Халабдагы кандуу театрдын андан аркы тагдыры мурдагысынан айырмасы жок кордук менен улантыла турган болду. Анын калган тагдыры Казакстандын борбору Астанада чечилишине токтом кылышты. Орусиянын БУУдагы атайын өкүлү Чуркин мындай деди: «Халабды бошоткондон кийин Сириядагы негизги маселе согуш амалдарын толук токтотуу жана Сирия жаатында тараптар ортосунда сүйлөшүүлөрдү кайра жандантуу». («Россия сегодня», 2016.12.16.). Путин 2016.12.15.

«Россия сегодня» каналына берген маегинде, Эрдоган менен келишип, Сирия режими жана куралдуу жамааттардын өкүлдөрүнө сүйлөшүү өткөрүүнү сунушташкандыктарын билдирди. Ошондой эле 2016.12.16. «Түрк пресс» баяндамасында: Орусия мамбашы Путин  Казакстандын борбору Астанада Сирия жаатында согушту токтотуу тууралуу талкууну Эрдоганга сунуштарын билдирди. Путин Жапонияга иш сапары менен барардан бир аз мурун, Сирия жаатында БУУ ортомчулугу менен Женевада жетишилген келишимдин аткарылышына аракет кыларын билдирди. Орусия президенти Сирия жаатындагы келерки кадам – бүткүл Сирия боюнча согушту токтотуу кадамы болоруна ишара кылды. Путин Сириядагы жаңжалды токтотуу үчүн жаңы сүйлөшүүлөрдү баштоо тууралуу Эрдоган менен келишкендигин билдирди.

Мына ушул жол Халабды тапшыруу жана режимди күчөтүү жолу болду. Ал жол  Америка планы алкагында, Түркия-Эрдоган  жана Түркия таасири астындагы куралчан оппозиция салган жол болду. Эгер куралчан жамааттардын жетекчилери жүрөгүндө ыхластуулук калбаган болсо, анда алар Сирия маселесинин мындан аркы тагдырын талкуулоо үчүн жана өздөрү үчүн бериле турган ит жеминен үмүт кылып, Астанага барышат. Ал эми алардын жүрөгүндө ыхластуулук калган болсо, анда алар Эрдогандын кемесинен тезирээк түшүп калып, эл аларды түкүрүп таштай электе, эл менен бирге болуулары ваажиб. Ал эми бул жамааттардагы ыхластуулар өздөрүнүн жетекчилерин бул иштен кайтаруулары лаазым же аларды жетекчиликтен кетирүүлөрү зарыл. Эгер андай кылышпаса, моюнунан акчага байланган куралчан жамааттардын жетекчилери Аллах жана Анын расулуна Жооп бербестен, миллиондогон доллар үчүн Америка жана Орусияга үммөт козголоңун сатып жиберишет. Аллах жаман менен жакшыны айырмалаш үчүн, Ислам диярынын борбору болгон Шам жергесиндеги Сирия элине ушундай сыноону жазыптыр.

***«Аллах жаманды жакшыдан ажыратат, жамандарды биринин үстүнө бирин минииштирип, бардыгын тозокко таштайт. Мына ошолор чыныгы зыян тартуучулар»*** [8:37]

Тогузунчудан: Сөз акырында, биз Эрдоганды жана аны менен биргеликте Аллахтын душмандарын ыраазы кылуу үчүн Халабга каршы тил бириктирип, аны жардамсыз таштагандарды эскертип Пайгамбар агахадисин келтиребиз. Ибн Хибаан сахихинде, Касимден риваят кылынган, момундардын энеси Айша Ідан келген хадисти эске салабыз: Пайгамбар с.а.в. айтты:

**«Ким Аллахтын ыраазылыгы үчүн адамдарды нааразы кылса, Аллах ага Өзү жетиштүү. Ким адамдардын ыраазылыгы үчүн Аллахты нааразы кылса, анда Аллах аны адамдарга таштап койот».**

Мына анын да чет жакасы көрүнүп калды. Адамдар Эрдоган тууралуу ачууланып сүйлөп жатышат. Досу Путин да пресс-конференцияда коомчулук алдында анын шермендесин чыгарып таштады. Биз жогоруда айтып өткөндөрүбүздү дагы кайталап өтсөк ашыкча болбос.

Путин бул ишке Эрдогандын шерик экендигин ачык айтты. Аны ачыктап эле койбостон, пресс-конференцияда коомчулук алдында шермендесин чыгарды. Путин пресс-конференцияда Халабдагы иш-чара Эрдоган Санкт-Петербургга иш сапары менен келгенде жетишилген келишимдин негизинде ишке ашырылгандыгын айтты: Орусия президенти Путин Халабдын чыгышындагы куралдуу жамааттарды чыгаруу иш чарасы – Эрдогандын август айындагы иш сапарында жетишилген келишимдин негизинде – ишке ашканын билдирүү аркылуу саясий бомбаны жардырды. Путин жума күнү Токиодо Жапон премьери Синдзо Абе менен пресс-конференция берүү учурунда мындай деди: «Баарынан мурун жайкын тургундарды коргоо максатында, куралдарын таштаган согушкерлерди Халабдан чыгаруу иш-чарасына Түркиянын катышуусу Түркия менен

келишилген». Дагы кошумчалап: «Мен көрүп жаткан Халабдагы окуялар Түркия президенти Эрдоган Санкт-Петербургга келгенде жетишилген келишимдин дал өзү», - деди. (Elaf, 12.16.2016, Sputnik Новости, 2016/12).

Бул шерменделик – Аллах Ислам жана мусулмандарга душмандык кылып кылмыштуу иштерди жасаган же ага жардамдашкан адамга даярдап койгон – жан чыдагыс азаптын бир кыпыны.

***«Кылмышкер адамдарга кылган айла-амалдары үчүн Аллахтын алдынан кордук жана жан чыдагыс азап жетет»*** [6:124]

Ал эми, Сириядагы бул кылмышты кылып жаткандарга биз мурда айтып өткөнүбүздү дагы кайталайбыз: Халаб бүлгүнгө учурашына карабастан, кайрадан ойгонот. Бүтүндөй Шам жергеси, анын кашкасы болгон Халаб Америка, Орусия, жана алардын малайлары, союздаштарынын тамактарына сайылган канжар болуп калат. Алар өздөрү ойлоп жаткан жеңишке жетишпейт. Алар бул шаарга кире алышпайт, бир гана аны бүтүндөй талкалоо менен кирет, бул дегени кыялый жеңиш... Бир дагы козголоңчуну кайтара алышпайт, бир гана шейит кетирүү менен кайтарышат, бул дегени жеңилген жеңиш... Алар ракеталарды, бомбаларды, тик учактарды, танкаларды жана миңдеген аскерлерди жүздөгөн козголоңчуларга каршы койушту. Бирок ошондой болгонуна карабастан, аларга бетме-бет келе албай, тик учактар менен бомбалоого, ракеталар менен аткылоого таянышты. Бул дегени, чыныгы эркектерге бетме-бет келип согушуудан качкан коркоктордун жеңиши... Америка, Орусия жана алардын малайлары, союздаштары Ирак, Шам жергесинде жапайы кыргын кылган кресттүүлөр жана монгол-татарлар жолунан жүрүүнү каалап жатышат. Бирок, алардын тагдырлары кандай болуп бүткөнүнө назар салышпады. Ошондо мусулмандар кайрадан ойгонуп, аларды өз жерлеринен ит куугандай кууп чыгышкан. Ислам жана мусулмандарын улуулугун кайтарып алышкан. Халифатын күчтөндүрүп, Ираклийдин шаары Константинополду «Стамбулга» айландырышкан. Москвага жакын кирип барышкан жана Вена

дарбазаларын кагышкан. Бул мамлекеттердин ичер суусу аз калганын эртеңди көрө ала турган адам көрүп турат.

﴿وَسَيَعْلَمُ الَّذِينَ ظَلَمُوا أَيَّ مُنْقَلَبٍ يَنْقَلِبُونَ﴾

***«Залимдер кандай акыбетке карай бара жатышканын билип алышат»*** [26:227]

**19-робиул-аввал, 1438-х.**

**18-декабрь, 2016-м.**

## Россия менен АКШнын Сириядагы акыркы аракеттери

**Суроо:** *Биз билгенибиздей, Орусия Сирияда оппозиция менен саясий чечимге жетишүү абалын жаратуу жана режимди сактап туруу максатында Америка менен келишкен же анын буйругу аркылуу Сирия маселесине аралашкан. Бирок, Америка Орусиянын Сирия режими менен оппозоциясынын ортосун жакындаштырууга болгон аракеттерине, тагыраагы, Астана жана Сочидеги жолугушууларына сыртын салып койду. Америка бул жолугушууларга Иордания сыяктуу байкоочу катары гана катышып койду. Муну кандай түшүнсө болот. Рахмат.*

**Жооп:** Мунун түшүндүрмөсүн эки ооз сөз менен эле айтып койсо болот: Американын текебердиги жана Орусиянын саясий аңкоолугу.

Анын баяны төмөнкүдөй:

1 – Туура, Орусия Сирияга Американын макулдугу же анын бир кызыкчылыгын ишке ашыруу үчүн кирген. Бул боюнча 2015.10.11 суроо-жоопто да айтып өткөнбүз: «Бул жердеги шайкешсиздик Америка өзүн Сирия козголоңчулары менен бирге кылып көргөзүп жатат. Ошондуктан, аларга каршы ачык түрдө согуш алып баруусу оор. Козголоңчулар Сирия бийлигине бир топ зыян жеткирип коюшту. Американын Башардын ордун баса турган орун басары али даяр боло элек. Ошондуктан, козголоңчулар менен ачык согуш оюнун Орусия алып баруусу Америка үчүн маанилүү. Орусиянын Сириядагы ролу Сирия бийлигин ачыктан ачык колдоо жана козголоңчуларга каршы согуш алып баруу болуп эсептелет. Орусиянын

козголоңчуларга каршы согуш алып баруусу Америка үчүн актана турган жүйө жаратат. Сирия бийлиги Американын буйругу менен Орусиядан жардам суроого даяр. Бул иш жүзөгө ашты. Орусия Америка кызыкчылыгы үчүн өзүнө берилген бул ыплас согуш оюнун ойноп берүүгө макул болду». 2015.11.18. суроо-жоопто Сириядагы акыркы кырдаал аталышындагы темада бул маселеге дагы кененирээк токтолгонбуз: «а). 2015-жылдын 30-сентябрында Орусия Сирияга аскерий аралашууну баштады. Мындан мурда 29-сентябрда Обама менен Путин 90 мүнөткө созулган жолугушуусу болуп өткөн. Жолугушуунун биринчи алкагы Украина кризиси болду. Жолугушуунун калган бөлүгүндө эки мамлекет башчысы Сириядагы абалга терең токтолушту. Бул жолугушуунун жыйынтыгы тез арада эле билинди. 30-сентябрда Путиндин Орусия аба күчтөрүн Сирияга киргизүүгө болгон талабын Орусиянын Мамдумасы канааттандырды. («Россия сегодня», 2015.09.30). б) Ал тургай, Орусиянын аба күчтөрү сокку уруп жаткан жерлердин көпчүлүгү Америка менен келишилген жерлер болду. «CNN» кабар агенттигинин 2015.10.04. маалыматында: «Орусия куралдуу күчтөрүнүн генштабынын жетекчиси Андрей Картаполов 2015.10.03 мындай деди: «Орусиянын аба күчтөрү бутага алып жаткан аймактар Москвага Америка аскерий жетекчилиги тарабынан мурдатан даярдалып берилген террористтик аймактар».».

Мына ушундайча Америка Сирияда Америка чечими кабыл алына турган ыңгайлуу шарт жаратып бериши үчүн Орусияны Сирияга киризди. Америка Орусияны Сирияда иш тизгинин өз колуна алышы үчүн киргизген жок. Балким өзүнүн кызыкчылыгына кызмат кылдырыш үчүн киргизди. Бирок, Орусиянын саясий сокурдугу Сирияда Сирия бийлигин кулап калуудан сакташ үчүн жапайы кыргын кылууга түрттү. Кийин болсо Сирияда саясий чечимге жетүүнү жетектейм деп ойлоого түрттү. Ал Американын ага бут тосуп жатканын да сезген жок. Тескерисинче, ал дагы эле Американын кызыкчылыгына кызмат кылууда. Орусия Сирияда жапайы кыргын кылуу

аркылуу Американын Сирия бийлигин кулап калуудан сактоо талабын да аткарып берди.

2 – Орусия мына ушул күмөндүү оюнунун негизинде Астана жана Сочиге Сириянын куралдуу жамааттарынын өкүлдөрүн чакырып долбоорлорду сунуштады. Орусия бул аракети аркылуу Америка менен биргеликте бир роль ойноп калуу максатында бул жолугушууларга катышуусу үчүн Американы да чакырды. Песков мындай деди: «Акыркы учурларда Сирия кризисин жөнгө салуу жаатында алга жылуулар бар. Бирок, бул сапаттык жаңы баскычка жетишүү биргелешкен аракетти талап кылат. Мунун баары Орусия менен АКШ ортосунда белгилүү бир деңгээлде биргелешип иш алып барууну талап кылат». («Orient news», 2017.11.04). Орусия 2017-жылдын 10-ноябрында Вьетнамдагы «APEC» саммитинде Путин менен Трамптын жогорку деңгээлдеги жолугушуусу болуусуна үмүттөндү. Эки өлкө башчылары жолугушуусун бир нече жолу ачык түрдө өткөрүүнү да талап кылды. Орусия менен АКШ Сирия жаатындагы алакаларында бир мунасага келип алуу муктаждыгы бар экендигине ишара кылган билдирүү менен да чыгышты. Орусия саммит өтүп жаткан учурда эки өлкө башчысынын жогорку деңгээлдеги жолугушуусу болушуна чакырык таштоосун улантты. Бирок, Америка бул чакырыкка жооп бербеди. Болгону жолугушуу деңгээлинде болбосо да, жолугушуу болгондой түр жаратуу менен эки өлкө башчынын эки тараптуу баяндама чыгаруусуна макул болду. Баяндама болсо эки тараптын эксперттери тарабынан даярдалган. Бул нерсе Америка Орусияны төмөн санашына карата чакырык болду.

3 – Орусия ошол эле маалда Америкасыз Сирия жаатында саясий чечимге жетүүгө кудуретсиз экендигин түшүнүп турат. Ошондуктан, жооп алып калуу үмүтүндө чакырык артынан чакырыкты Америкага жолдоп жатат. Бирок, жооптун ордуна жогоруда айтып өткөнүбүздөй Американын теңине албаган мамилесине тушукту.

Анткени Орусия Сирия маселесин жөнгө салуу чечимин ишке ашырууга ашыгып жатат. Орусия президенти Путин 2017-жылдын 20-ноябрында жолугушуу өткөрүү максатында Сочиге Башарды чакырды. Кийин 21-ноябрда Башар менен болгон жолугушуунун талкуусу тууралуу Трампка телефон аркылуу кабар берди. «Путин экинчи күнү Америка мамбашы Трамп менен телефон аркылуу байланышты. Анда Сирия маселеси жана Башар менен жолугушуунун жыйынтыгы тууралуу сөз болду...». («Россия сегодня», 2017.11.21).

Мына ушундайча Орусия Сирияда жөнгө салуу чечимин ишке ашырууга өтө ашыгып жатат. Ал адатынча Сирия маселесин чечүүдө Америка менен жанма-жан жүрүп өзүн улуу күч катары санап жатат. Ошондуктан, ал саясий чечимди пайдалануу менен өзүн көрсөтүп, абалдан чыгып кетүүгө өтө дилгирленип жатканын көрүп жатабыз. Саясий чечим айрыкча Сирияда аскерий соккуларды ишке ашыруу аркылуу экономикасынын каны сорулуп жаткан Орусиянын жоготуусуна чек коёт... Ушул көрүнүштөрдүн баары Орусияны Сирия маселесин жөнгө салуу чечимин ишке ашырууга жетекчилик кылып жаткандай түр жараткан демилгелерди колго алууга түрттү. Башарды өзүнө чакырды. Кийин Эрдоган менен Роуханини чакырды. Кийин Сирия кризисинен чыгуу максатында «Сирия калкынын бардык спектри» аталышындагы жолугушууга чакырууну пландады. Ал саясий чечимге тезирээк жетүү үчүн Американын аны менен кызматташышын кайра-кайра суранды. Орусия куралдуу күчтөрүн Сириядан чыгарып кетүү ниетин да билдирди. «Орусиянын куралдуу күчтөрүнүн генштабынын башчысы Валерий Герасимов Орусиянын Сириядагы куралдуу күчтөрүн «ири көлөмдө» азайтуу мүмкүн экендигин айтты. Бул иш ушул жылдын аягына чейин башталарын да айтып өттү...». («Евроньюс», 2017.11.23). Бирок, ушуларга карабастан Америка Орусиянын талаптарына жооп берүүнү кечеңдетти.

4 – Мына ушул Американын Сирия жаатында Орусия менен жүргүзүп жаткан оюну. Башкача айтканда, Америка аны менен Сирия жаатында мунасага келүү үчүн Орусиянын талаптарына этибар бербей аны Сирия сазына жалгыз таштап койду. Бир аз гана малайлары аркылуу анын талаптарына жооп беримиш болду. Ушул себептерден улам, Орусия Сирияда саясий чечимге жетүүнү жетектөөгө болгон аракети ийгиликсиз болуусу анык. Анткени, ал Сирияда АКШнын баткагына тыгылып калган. Американын Сирия жаатында Орусияга унчукпай коюшу аны шыктандырып жиберди. Айрыкча, Орусиянын Сирия козголоңчуларына жана исламий күчтөргө каршы колдонулуп жаткан бирден бир күч катары саналып жатышы Орусияны шыктандырды. Орусия Москвада, Сочиде, Астанада жолугушууларды өткөрүп жаткандыгына карабастан Сирия маселесин жөнгө салуу чечимин жетектөөгө чамасы жетпейт. Анткени, Орусиянын Сирия маселесин чечүүгө болгон демилгелеринин баардыгы Америка менен шериктеш иштөөгө барып такалат. Качан Сирия маселесин жөнгө салуу элементтери бышып жетилгенде Америка өзү БУУ же аймактагы малай мамлекеттери аркылуу Сирияга чечимди таңуулоо үчүн иш тизгинин колуна алат.

5 – Мыну ушундайча Сириядагы Америка менен Орусия аракеттери ийгиликсиздик менен аякташы Аллахтын жардамы менен тагдырланган. Эгер, куралдуу жамааттар өзгөчө аймактагы Америкага малай мамлекеттер Түркия, Саудия менен болгон байланыштарын үзө турган болушса, Сирия режимине каршы калыс, акыйкаттык жана Аллахтын арканын бекем кармоо менен күрөш алып барышса, мына ошол учурда Аллахтын жардамы менен Сирия, Америка жана Орусиянын үмүттөрү үзүлүп, Исламий күчтөр каапырлардын таш талканын чыгаруучуга айланат. Мына ошол учурда гана Сирия Америка менен Орусия кызыкчылык талашып күрөшө турган аймак эмес, артын карабай качкан аймакка айланат. Бул иш Аллахка жеңил.

**21-робиул-аввал, 1439-х.**

**9-декабрь, 2017-м.**

**Эрдогандын Сирияда «Евфрат калканы» жүрүшү тууралуу**

**Суроо:** *Эрдогандын Сирияда «Евфрат калканы» аталышындагы аскерий иш аракетинен кийин Халабды Башар бийлигинин колуна тапшырып берген эле. Кийин анын Сириядагы аракети басаңдай түшкөн. Бирок, акыркы мезгилде 2018.01.20 Сирия жергесинде «Зайтун бутагы» аталышындагы аскерий жүрүшүн кайрадан баштады. Бул аскерий иш-чарада абадан жана кургактыктан чабуул коюлду. Түркиянын генштабы 2018.01.21 мындай деп билдирди: «Ишемби күнү башталган «Зайтун бутагы» аталышындагы аскерий жүрүш план боюнча туруктуу уланууда. Кургактыктан чабуул коюу жекшемби күнү эртең менен башталды». («Turk Press», 2018.01.21). Бул аскерий жүрүш токтобостон уланууда. «Зайтун бутагы» аталышындагы аскерий жүрүштүн артында эмне турат? Аллах сизге изгилик берсин.*

**Жооп:** Буга анализ жасоодон мурда зарыл болгон ишке назар салуубуз лазым. Антени, бул иш азыркы учурда Түркия саясатынын борбордук огун түзөт жана Түркия саясаты ушул иштин айланасында жүргүзүлөт. Анын натыйжасында Эрдогандын аракети, билдирүүлөрү да ачык-айкын түшүнүлөт. Маалым болгондой, Түркия-Эрдоган Америкага малайлык кылууда. Эрдоган бул иш аракеттерди бийлик күрсүсүн сактап калуу үчүн Америкага кызмат кылууда. Анткени, аны Америка бийликке алып келген эле. Буга далалат кылып турган нерсе Түркиянын өкмөтүн колдоочу «Сабах» гезитинин 2017.04.18 чыккан макаласында айтылат: «Америка президенти Түркия президенти Эрдоган менен өткөн түнү телефон аркылуу байланышты. Сүйлөшүүдө Трамп Эрдоганды президенттик башкарууга өтүү үчүн конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча референдумдун жыйынтыгы менен куттуктап мындай деди: «Бул референдумду жасоодо жакшы кампания алып барылды. Мен биздин достугубузга өтө маани берем. Биз биргеликте чече турган өтө маанилүү иштер бар». Мына ушундайча

Эрдогандын Сириядагы саясаты Америка кызыкчылын ишке ашырууга каратылган. Ошондой эле Башардын бийлигин чыңдоо жана Башар режими үчүн маанилүү болгон аймактардан козголоңчуларды чыгаруу үчүн аларга кысым өткөрүүгө багытталган. Халабды жардамсыз таштап Башар бийлигин ал жерде орношуп алышына өбөлгө түзүп берүү ишинин изи али өчө элек. Эрдоган «Евфрат калканы» аталышындагы аскерий жүрүш уюштуруп Халабдагы козголоңчулардын негизги бөлүгүн сыртка алып чыгып кеткен эле. Ошол маалда Башардын күчтөрү Халабга карата борборлошкон чабуулга өтүп жаткан. Чындыгында бул учурда «Евфрат калканы» аталышындагы аскерий жүрүш Американын батасы менен дээрлик аягына чыгып калган. Түркия 2016-жылы Жароблис аймагына Американын көргөзмөсү менен кирип барган. Американын мурунку вице-президенти Жозеф Байден Анкарага иш сапары менен келип 2016.08.24 Түркия аскерлеринин Сирия аймагына киришин колдогон билдирүүсүн берди. Ошондой эле «Күрд элдик кошуунун» Түркиянын «Евфрат калканы» кошуунуна бетме-бет келбестен аймактан чыгып кетүүсүн талап кылды. 2016-жылдын 25-сентябрында келген суроо-жоопто буга токтолуп өткөнбүз. Анда мындай делген: *«Американын планы ийгиликтүү ишке ашышы үчүн, Халабды кайрадан камоого алуусу зарыл. Халабды камоого алуу үчүн Америка иши эки октун негизинде алып барылат. Биринчиси, Сирия түндүгүнө Түркия аскерлерин киргизүү жана аскерий жүрүштү Жароблис аймагынан баштоо. Түркия «Евфрат калканы» аталышындагы аскерий жүрүшү менен Халабдын түштүгүндөгү өзүнө ыктаган козголоңчуларды ИШИМ менен согушуу үчүн Жароблис аймагына алып чыгат. Тактап айтканда, Халабдын согуштук фронтторунун күчтөрүн алсыратуу жана козголоңчулардын ич ара кагылышууларын жандандантуу. Ошондой эле Халабдагы козголоңчуларды мүмкүн болушунча согуштук фронттон оолактатуу иш чарасы»*. Мына ушундай жол менен Эрдоган өзүнө ыктаган козголоңчуларды Аль Баб аймагына алып чыгып кетти жана Халабды жардамсыз таштады. Ал жерде аз гана көлөмдөгү

согуштук фронт калды. Калган ири көлөмдөгү согуштук фронт Эрдогандын «Евфрат калканы» аталышындагы чакырыгына жооп берип Халабдан чыгып кетишти. Эрдоган бул кыянаттыгын кайрадан кайталап жатат.

1 – Бул кыянаттык аракеттер уланууда. Тагыраагы, Идлибдеги маанилүү аймактарды Башар бийлигинин көзөмөлүнө өткөрүп берүү мүмкүнчүлүктөрүн жаратуу аракеттери уланууда. Кийин болсо Түркия Америка менен макулдашып өзүнө лаббей деген куралдуу жамааттарды, Башардын күчтөрү Идлибге карай сойлоп келе жаткан бир убакта Афринге чогулта баштады. Түркия калп эле кабагына каар жаадырып Америкага ыктай турган жаңы куралдуу блокту пайда кылуу аракетине каршылык көргөзүп жаткандай көрүнүп, Америка менен Түркия ортосунда келишпестик бардай түр жаратуу амалын жасоодо! Маалым болгондой, Америка Түркия аркылуу Сириядагы өзүнө ыктаган жамааттарды куралдандырды. Анын ичинде Күрд элдик кошууну да бар. Алардын көпчүлүгү Америкага ыктаган «Сирия демократиялык куралдуу күчтөрүнүн» ичине кирет. Эрдоган Американын бул аскерий иш-чараларын жүзөгө ашыруу үчүн Инжирлик базасын ачып берген... Мына ушундайча Эрдоган Халабга Башардын күчтөрү жеңил кирүүлөрү үчүн «Евфрат калканы» маселесин кайра-кайра козгоду. Эми болсо Башардын күчтөрү Идлибге жеңил желпи кирип келүүсү үчүн «Зайтун бутагы» аскерий жүрүшүн ишке салды. Башардын күчтөрү Идлибге карай кадам таштады. Абу-Дахура аэропортун курчоого алды. Эрдоган болсо Афринде согуш уюштуруу менен алек! Бул аскерий иш-чарада Сириянын 25 миң оппозициялык күчтөрү катышууда. «Файлак Шам» куралдуу жамаатынын жетекчиси Ясир Абду Рахиим мындай деп тастыктады: «Сириянын эркин аскерлеринин» 25 миң аскери Африндеги Түркиянын аскерий жүрүшүнө катышууда...». («Россия сегодня», 2018.01.23). Мунун баары Американын макулдугу менен ишке ашты. Түркиянын ТИМи Мевлюд Чавуш уулу 2018-жылдын 15-январында Канадада Американын коргоо министри Жеймс Мэттис менен Сирия кризисин жана чек арадагы

коопсуздук маселесин талкуулады. Ошондой эле 2018-жылдын 16-январы кечинде Канаданын Ванкувер шаарында Корея жарым аралындагы коопсуздук меселеси тууралуу эл аралык министрлер жыйынынын алкагында Америка ТИМи Тиллерсон менен жолугушту. Чавуш уулу мындай деди: «Америка коргоо министри Мэттис Сириянын түндүгүндө жаңы аскерий блокту түзүү тууралуу таралып жаткан маалыматка ишенбөөгө чакырды. Ошондой эле ишти өз көзөмөлүнө алаарына жана биз менен байланышта болооруна басым жасады». («Анадолу» агенттиги, 2018.01.17).

2 – Африндеги «Зайтун бутагы» аскерий иш чарасы тууралуу чыгып жаткан Американын билдирүүлөрү муну тастыктап жатат. Ошонодой эле Түрк аскерлери менен «Сирия эркин аскерлеринин» жүрүшү АКШнын ыраазылыгы жана каалоосу менен ишке ашып жатат. О.э бул аракеттерге Американын макулдугу менен Сирияга кирген Орусиянын ыраазылыгы да бар.

–Жума күнү кечинде Афринде Түркиянын аскерий жүрүшү башталгыч этапта болсо да күчтүү түс алгандай башталды. Африндеги белгилүү аймактарга карата артиллериялык аткылоону күчөттү. Бейшемби түнү жана жума күнү жогорку темпте аткылашты. Ошол эле маалда Африндеги жана анын айланасындагы Орус куралдуу күчтөрү чыга баштады. Бул тууралуу Түркия коргоо министири Нуреддин Канекли: «Кургактыктан чабуул башталды» деп билдирүү берди. Бул тууралуу «Аль жазира» телканалы менен «Аль арабий жадид» маалымат кызматы Түркия маалымат булагына таянуу менен кабар таратты: «Түркия менен Москванын мунасага келүүсүнүн натыйжасында шаарды башкаруу Түркия тарапка өттү». Түркия өкмөтү «Евфрат калканы» аймагына кирген жерлердин көпчүлүк бөлүгүн кайра калыбына келтирүү кепилдигин мойнуна алат. Ошондой эле, Сочи конференциясы ийгиликтүү болушу үчүн Сирия оппозициясы конференцияларга келишине кысым өткөрүү ишин дагы Түркия кепилидигине алат. Ошол эле маалда Орусия, Түркия шаарды башкарууну

колго алгандан кийин кайра аны Сирия бийлигине өткөрүп беришин жана шаарда бир да оппозициялык күч калбашын катуу талап кылды. Ошондой эле Сирия бийлиги Идлибдин калган аймактарын да басып алышына мүмкүндүк берүүсүн талап кылды. Түркиянын коргоо министри Нуреддин Канекли телеканалда берген маегинде мындай деди: «Билебиз, Орусия Сирия бийлигин жогорку деңгээлде колдоого алат...». Түркиянын бул аскерий иш-чарадан күткөн нерсеси тууралуу «Арабий жадид» мындай баяндады. «Бул аскерий иш чара беш-алты ай уланышы күтүлүп жатат». Булак дагы минтип кошумчалады: «Дипломатиялык каналалдар Вашингтон менен байланышта». («аль арабий жадид», 2018.01.20).

–Орусиянын ТИМи чыгарган баяндамада: «Январдын жыйырмасында Түркия куралдуу күчтөрү Сириянын түндүк-батышындагы Африн аймагына кирди. Москва бул иш-чарадан тынчсызданып жатат. Москва кырдаалга тыкыр көз салат». Дагы минтип кошумчалады: «Орусия Сириядагы жаңжалды чечүүдө өз позициясында калат. Сириянын бүтүндүгүн жана анын бийлигин колдойт». («РИА», 2018.01.20).

–Америка Түркиянын аскерий аракети белгилүү аймактарга чектелип калуусун каалап жатат. Аныгыраагы жарандардын өмүрүн сактоо максатында «сабырдуулук» менен иш алып баруусун каалады. Америка мамлекеттик департаментинин пресс-катчысы Хизер мындай деди: «Жарандарга залака тийип калуудан сактоо максатында Түркияны аскерий жүрүштө белгилүү бир аймактарда сабырдуулук менен иш алып барууга чакырдык». Жекшемби күнү Американын коргоо минстри Жеймс Мэттис Түркия аскерий иш-чарасын баштоодон мурда Вашингтонго кабар бергенин тастыктады. Вашингтон Анкара менен кырдаалдын жүрүшүнө жараша байланышып тураарын билдирди: «Орусиянын ТИМи Лавров жана Американын ТИМи Тиллерсон Сириянын түндүгүндө туруктуулукту сактоо максатында анын жол жоболорун талкуулашты. Түркиянын ТИМи Америка ТИМи менен аскерий иш-чара тууралуу талкуулашты. Бирок эмне тууралуу

эки тараптуу талкуу болгондугу ачыкталган жок». («Би-Би-Си арабий», 2018.01.22).

–Амеркинын ТИМи Тиллерсон мындай деди: «Анкара коопсуздук муктаждыктарын канааттандыруу максатында Сириянын түндүк-батышында коопсуз аймак түзүү тууралуу Америка Түркия менен сүйлөшүү өткөрүүгө ниеттенип жатат». Америка куралдуу күчтөрүнүн генштаб жетекчиси генерал Жозеф Фотил Түркия Афринде аскерий иш-чара баштоодон мурда Вашингтонго кабарлагандыгын тастыктады. Ал шаар Америка аскерий иш-чарасынын алкагына кирбегендигин да ишаара кылды... Американын коргоо министри: «Түркияны кырдаалды курчутуп жибербөөгө чакырып, аймакта Түркиянын коопсузудугуна залал келип калышынан да эскертти». («Россия сегодня», 2018.01.23).

–Америка куралдуу күчтөрүнүн борбордук командачылыгы Түркия Сириядагы Африн шаарында аскерий жүрүшү тууралуу алдын ала аларга кабар бергендигин билдирди. Ошол эле маалда Африн шаары Америка аскерий иш-чарасынын алкагына кирбестигин да баса белгиледи. Борбордук командачылыктын жетекчиси Генерал Жозеф дагы кошумчалап: «Америка Түркиянын аймактагы аскерий жүрүштөрүнө өзгөчө деле көңүл бурбайт»,- деди. («Куддус пресс», 2018.01.21).

–Америка ТИМи Тиллерсон мындай деди. «Анкара коопсуздук муктаждыктарын канааттандыруу максатында Сириянын түндүк-батышында коопсуз аймак түзүү тууралуу Америка менен сүйлөшүү өткөрүүгө ниеттенип жатат». Американын бул билдирүүсү Түркия куралдуу күчтөрү менен Сирия эркин аскерлер күчтөрү Сириянын Африн аймагында «Зайтун бутагы» аталышындагы аскерий жүрүш баштагандан үч күндөн кийин болду. Америка ТИМи дагы кошумчалап: «Биз Түрк жооптуулары жана аймактагы кээ бир күчтөр менен биргеликте кырдаалды тынчтандыруу, Анкаранын коопсуздук көйгөйлөрүн канааттандыруу тууралуу талкуулашабыз». («Түрк пресс», 2018.01.23).

–Америка ТИМи Тиллерсон Американын «чек араны коргоо» максатында 30 миң адамдан турган аскердик блок түзүү ниети Анкаранын кыжырын келтиргендигин билдирди. Ал Америка учагынын бортунда журналисттерге комментарий берип мындай деди: «Америка Сирия чек арасында эч кандай аскерий блок түзүүгө чечим кыла элек». «Анадолу» агенттиги Тиллерсон Түркиянын Сирия менен чектеш аймагында аскердик блок түзүү тууралуу түшүндүрмө бергендигин кошумчалады. Ушул эле жаатта Хизер мындай деди: «Биз жериликтүү күчтөр жана Түркия менен кызматташуу тууралуу ой бөлүштүк. Жергиликтүүлөр ИШИМ жок кылган коопсуздукту кайра калыбына келтирүүчү негизги күч». («Orient Net», 2018.01.19).

–Өткөн экинчи күнү Пентагондун пресс-катчысы Эрик Баон мындай деди: «Сириянын чек арасындагы аскердик блок түзүү планынан Түркия кооптонуп жаткандыгын Америка жакшы түшүнөт». Бул маселе Түркия жооптуулары менен талкууланышын билдирген Баон суроолорго жооп берип жатып Америка Түркия жана НАТО менен дайым тыгыз байланышта деп жооп берди. «Анадолу» агенттигинин кабарчысы Эрик Баон суроолорго жооп берип жатканда «болжолдонгон чек ара коопсуздук күчтөрү» тууралуу да жооп бергенин билдирди. Ал эми төртүнчү күнү Американын ТИМи Тиллерсон Американын Сирия чек арасында коопсуздук күчтөрүн түзүү тууралуу аракетине карата жооп берип жатып Америка Сирия чек арасында эч кандай коопсуздук күчтөрүн түзүүгө ниеттенбей турганын билдирди: «Бул иш туура эмес иштелип чыккан жана кээ бир адамдар тарабынан туура эмес айтылган. Чек арада эч кандай аскердик блок түзүлбөйт». («Йени шафак арабий», 2018.01.17).

Жогоруда айтылып өткөн билдирүүлөрдө ачык көрүнүп тургандай, «Зайтун бутагы» аскерий иш-чарасы – бул Түркиянын Америка жана Орусия менен маакулдашуусу аркылуу кылып жаткан Түркиянын аскерий жүрүшү. Америка башталышында Сирия чек арасында 30 миң адамдан турган

коопсуздук күчүн түзүү ниетин билдирүүсү – Түркиянын Афринде аскерий амалиятарды баштоосун актоочу фактор болуп калды. Кийин Америка Сирия чек арасында коопсуздук күчтөрүн түзүү ниети жоктугу тууралуу ачык билдирүүлөрдү бере баштады. Анткени анын максаты ишке ашты – Түркия Афринге согуш отун тутантып оппозициялык күчтөрдүн көпчүлүк бөлүгүн Идлибден ал жакка тартты жана Идлибге Башардын күчтөрү кирип келишине жол ачты!

3 – Мына ошондуктан, Түркиянын Сириядагы аракеттери Америка долбоорлорун ишке ашырууга каратылган. Ошондой эле Сирияда Башардын илманий бийлигин чыңдоого каратылган. Эрдогандын Америкага, Башарга каршы куу сүрөөнү адамдарды алдоо үчүн гана болуп жатат. Ал буга окшогон билдирүүлөрүн мурдатан бери берип келет. Биз экинчи Хаманын болуусуна мүмкүндүк бербейбиз деди. Бирок, Башар режимине Хамага окшогон ондогон шаарларды тапшырды. Ошондой эле натыйжа чыгарбаган жасалма аракеттер да адамдарды алдоого каратылган. Трамптын Куддусту Израилдин борбору кылган чечимине каршы сүйлөгөн сөздөрү, аракеттеринин баардыгы адамдарды акыйкаттан алыстатуу жана алдоо үчүн гана. Эгер, Эрдоган Америка Куддусту «Израиль» үчүн борбор кылып бере турган болсо «Израиль» менен алакасын үзө тургандыгын да билдирип жиберди. Бирок коопсуздугу Америка тарабынан камсыздалган «Израиль» менен да, Куддусту «Израилге» борбор кылып чечим чыгарган Америка менен да алакасын үзгөн жок. Тескерисинче, Америка долбоору болгон Палестинанын 80% жеринен баш тарта турган эки мамлекет чечимин колдоого чакырды. Чыгыш Куддусту Палестинанын борбору кылып белгилөөгө чакырды. Ошентип ал Сириядагы иштерин дагы деле улантып жатат. Балким кыянатчылдыгын дагы да көбөйттү. Үммөттүн душманы болгон Орусиянын, Американын, Сирия режиминин турумдарын күчтөп жатат. Халабды тапшыруу менен болобу, же Америкага база ачып берүү менен болобу, же Түркия аба майданын Орусия учактарына ачып берүү

мененби, же Астана сыяктуу жыйналыштарга Сирия оппозициясын тартуу мененби, же куралдуу жамааттарга кысым кылуу мененби, же аларды башка аймакка чыгарып, Халаб, Идлиб сыяктуу маанилүү шаарларды Сирия режимине бошотуп берүү мененби айырмасыз, Америка кызыкчылыгын ишке ашырып берип, малайлык кылууда. Эми болсо «Зайтун бутагы» аталышы астында Идлибди Сирия режимине бошотуп берүү аракетин көрүүдө!

Сөз акырында биз баардык куралдуу жамааттарга кайрылуу жасайбыз! Эрдогандын аракеттерине алданып калбагыла! Идлибди режимге бошотуп бербегиле! Халабда кандай абалда калганыңарды эстен чыгарбагыла! Халабды бомбалоо астында калтырган Түркияны ээрчип кеткендей Идлибди бомбалоо астында Түркияны ээрчибегиле! Бухарий риваятында келген хадисти эстегиле! Абу Хурайра Гдан риваят кылынган хадисте Пайгамбар с.а.в. айтты: «**Момун бир ийинден эки жолу чактырбайт**». Оо момундар! Эми кайра-кайра чактырууга жол барбы?

***«Албетте, бул нерседе кимде уга турган кулак, туя турган жүрөк болсо эскертме-үлгү бар»*** [50:37]

**6-жумадул-аввал, 1439-х.**

**24-январь, 2018-м.**

## Американын Сириядагы ракета соккусунун акыйкаты

**Суроо:** *11-апрелде Путин, Эрдоган жана Роуханилердин жолугушуусу тууралуу чыккан суроо-жоопто бул үчөө Сирияда илманий бийликти сактап калуу менен Америка кызыкчылыгын ишке ашырууга кызмат кылышат деп келген эле. Кийин Путин Сирияда Америка кызыкчылыгына кызмат кылууга толук макулдук кылуу менен иш алып барып жаткандыгы айтылган... Американын кечээ түнү Сирияга ракеталык сокку беришин кандай түшүнсө болот. Анткени ал жерде Тартус менен Хамимде Путиндин куралдуу күчтөрү жайгашкан эле. Путин Сирияда өз куралдуу күчтөрүнө сокку*

*урулуп жатса анан ал кантип Америка менен тил бириктирип иш алып бармак эле? Кийин кызыкчылыктары ар түрдүү болгон Америка, Британия жана Франция ортосунда коалицияны кандай түшүнсө болот? Ушуларды жаркындаштырып берүүңүздү өтүнөм.*

**Жооп:** Алгач суроодогу кээ бир нерселерге тактоо киргизип кетели. Америка Сирияда Орусиянын турумдарына сокку урган жок. Бул 2018-жылдын 14-апрелинде Орусия коргоо министринин берген билдирүүсүндө ачык көрүнүп турат. Америка болгону ага жакыныраак жерлерге сокку урду. Орусия болсо буга каршы аракет кылбады. Орусия өзүн Сирияда кожоюн сезгенине карабастан Америкага каршы бир да аскерий аракет кыла алган жок!

1 – Американын бул соккусу Орусияга карата тарбия берүү ирээтинде болду. Ал соккулардын көбү Сирия режиминин химиялык курал жарактарды колдонгону үчүн болду. 14-апрелдин таңында ондон ашык турумдарга сокку урулду. Аскерий серепчилердин маалымат каражаттарына берген коментарийлеринде бул соккулардын аз гана бөлүгү химиялык курал өндүргөн заводдорго же изилдөө алып барган жерлерге урулду. Көпчүлүгү болсо аскерий турумдарга тийген.

2 – Ал эми бул соккулардын Орусияга карата тарбия берүү ирээтинде болгонуна келсек. Орусия Сирияда Америка кызыкчылыгы үчүн кызмат кылганына карабастан кээ бир иштерди колго алууга умтула баштады. Ал Сирияда Америка таасирин бекемдей турган, ага кызмат кыла турган сызыктан чыгып, кожоюн катары тизгинди колго алууга умтула баштады. Ал үчүн Сирияда Американын ордун басуу эмес ага кызмат кылуу сызыгы гана бар болчу. Орусиянын Сириядагы куралдуу күчтөрү жайгашкан турумдарга жакын аралыкка Американын сокку уруусу Орусияны мурунку ордуна кайтарып коюу үчүн болду (Орусия эгер Американын кадамдары жаза тая турган болсо анын Сирияда кылган иштерин пайдалануу менен өзүн таасирдүү, кубаттуу кылып көргөзүүгө аракеттенген) . Америка Орусияга күч

менен бетме-бет туруп аны кемсинтти. Орусиянын Америкадагы элчиси Американын бул соккусун Орусияга эле эмес балким Путиндин өзүнө да кемсинтүү катары санады.

3 – Ал эми эмне үчүн соккунун, Орусияны кемсинтүүгө каратылганына келсек.

Трамп сокку урганга чейин бир нече күн мурун эле каарданып жаткан. Ал Сирия режимин аскерий турумдарды бошотуусун талап кылган кат да жолдогон. Ошондуктан ал жүздөн ашуун ракета аркылуу материалдык чыгашага учурата турган сокку урду. Бул соккулардын натыйжасына келе турган болсок. Мындай кемсинтүүгө Сирия режими башынан эле адаттанып калган. (Ким өзүн кор тутса аны кордоо жеңил болот). Мындай абалга малай акимдер адаттанып алган. Кожоюндары кызыкчылыктары талап кылган учурда аларга каршы мындай сокку берүүнү олуттуу нерсе катары деле көрүшпөйт. Буга окшогон нерселер тарых барактарында толтура... Америка мындай нерсени өткөн жылы хан Шейхан окуясынан кийин да кылган. Малай үчүн мындай иш жаңылык эмес. Балким алар буга адаттанып, көнүп да калган. Ал мындай соккулардан кийин да жеңиш майрамын майрамдап коюшу мүмкүн. Бул жерде маани бере турган нерсе соккулардын натыйжасы Орусия үчүн болду. Ал көптөгөн кемелерин алып чыгып кетти. Сокку берилиши мүмкун болгон орундардан тез арада кээ бир турумдарын бошотуп качты. Анткени соккулар анын турумдарына жакын аралыктарга жасалган. Ал өзүн Сириядагы иш тизгинин колго алган күч катары санап жатканына карабастан кээ бир турумдарын бошотту. Орусия коргоо министри билдиргендей, бул соккуларга каршы абадан коргонуу түзүмүн ишке сала албады.

4 – Бүгүн эртең менен Орусия жооптуларынын биринин билдирүүсүндө: Орусия бул сокку тууралуу коргоо кеңешине арыз менен кайрыларын жарыя кылды. Ал иш жүзүндө кайрылды. БУУнун убакысы менен саат 15де Коопсуздук кеңеши токтом кабыл алды. Башкача айтканда

алсыз өлкөлөрдүн өзүнө карата душмандыкка каршы айла амал катары иштеткен арызданууу болду. Орусияга карата иш жүзүндө душмандык кылынды. Анын базалары бутага алынбаса да ага жакын аймактарга сокку уруу аркылуу душмандык кылынды. Анткени ал Сирияда кожоюндукка умтула башатаган эле. СССР учурундагы улуулук сезимдери аны кытыгылап жаткан эле... Жогоруда айтып өткөнүбүздөй бул соккулар аны өз сызыгына кайтарып коюуга каратылды. Ал бул соккуларга каршы аскерий жооп берүүгө даай албады... Мына ушундан Сирияда баш оту менен аракет кылып жаткан Орусиянын саясий сокурдугу канчалык экендиги көрүнүп турат. Маселе ал жерде Орусияга орун бир гана Америка колу аркылуу бериле тургандыгын түшүнө албай жаткандыгында. Орусия узак жылдар бою болгон Мисрдеги окуялардан да үлгү ала албады. Мисрден аларды Саадат чыгарган жок. Анткени ал жерден Американын таасири күчтүү эле. Америка аларды чыгарганын Орустар аңдашкан жок. Орусия бул саясий сокурдугун Сирияда дагы кайталап жатат. Алар башка бирөөнүн кызыкчылыгы үчүн Ислам жана мусулмандарга карата жапайы кыргынды ишке ашырууда. Орусия жана анын артындагы Америка кылып жаткан мындай жапайы кыргындарды мусулмандар эч качан унутушпайт. Күндөр айланып туруучу. Бул күндөрдүн тескериси да эртең келип калат.

5 – Ал эми суроодо келген Америка, Британия жана Франция коалициясына келсек.
Бул коалициянын көрүнүшү гана бар. Башкача айтканда тең тайлаша турган мамлекеттер арасындагы коалиция эмес. Балким ал Америка каалоосу менен түзүлгөн коалиция. Мындай коалицияны Америка терроризмге каршы күрөшүү жүйөсү менен Ирак жана Сирияда буга чейин да түзгөн. Тактап айтканда, Америка Британия менен Франция коалицияга катышуусуна макул болду. Муну биз мурунку суроо-жооптордо кеңири баяндаганбыз.

6 – Тилекке каршы эң кейиштүү нерсе дүйнөдөгү колонизатор мамлекеттер биздин өлкөлөрүбүздө сайрандап өз каалагандарын кылып

жатканы. Биздин өлкөлөрдүн тагдырын өзүбүз эмес алар белгилеп жаткандыгы. Бизди бириктирип, улуулугубузга кайтара турган мамлекетибиздин жоктугу. Биздин Исламий мамлекетибиз болгондо - Америка жер ортолук деңизине кирүү үчүн Алжирдеги Усманий мамлекетке салык төлөп киргендей, салык төлөп кире тургандыгын албетте айттырбай түшүнмөк. Франция Сулайман конунийге өз падышасын туткундан куткарып алуу үчүн берген акчасы эсине келмек. Ошондой эле Британиянын Пайгамбар с.а.в.ды жамандап театр коюу ниетин Усманий мамлекет билип, Британияга карата жихадды жарыялай тургандыгын укканда Усманий мамлекеттин Британиядагы элчиси аркылуу кечирим сурап кайрылгандыгы эсине түшмөк. Ал мезгилде Усманий мамлекет а түгүл, эң алсыз абалында эле. Ошондуктан ал кечирим суроо менен чектелип калган. Эгер Усманий мамлекет мурункудай күчтүү абалында болгондо иш башкача болмок.

Күрөө тамыры согуп жаткан ар бир мусулман Аллахтын өкүмүн турмушка кайтарып, аны менен жашоо аракет кылышы важиб. Аллахтын өкүмдөрү болсо Пайгамбарлык жолундагы туура Халифалыкты тикелөө аркылуу гана болот. Андыктан, Үммөт Хизб ут Тахрир менен биргеликте бардык күчүн жумшап амал кылуусу шарт. Мына ошондо гана Колонизатор каапырлар кор болуп ислам жана мусулмандар улуу боло алышат.

***«Ал күнү момундар Аллахтын нусраты менен шаттанышат. Аллах кимге кааласа жардам берет. Ал ырайымдуу жана улуу»*** [30:4-5]

**27-ражаб, 1439-х.**

**14-апрель, 2018-м.**

**Американын аскерлерин Сириядан чыгаруусу тууралуу**

**Суроо:** *Ефраттын чыгышына чабуул кылуу боюнча Эрдогандын билдирүүлөрү байма-бай чыкты. Кийин чабуулду артка сүрдү. Кийин кайрадан чабуул кылуу тууралуу билдирүүлөрдү берди... кийин күрддөр*

*Манбижди коргоону Сирия режиминен талаб кылганда аскерий амалияттарды координациялоо үчүн Орусияга кайрылды. Ал арада Трамп Ефраттын чыгышынан Америка куралдуу күчтөрүн чыгарып кетүү тууралуу билдирүү берди... кийин боштукту толтуруу тууралуу сөздөр жүрдү.... суроо: Эрдоган Ефраттын чыгышына чабуул кылуу иш аракетинде экиленип жатканынын артында эмне турат? Эрдоган бул билдирүүнү Америка менен бир ымалага келишүү аркылуу кылып жатабы же ымалага келишпестен эле Эрдоган менен Трамптын ортосундагы саясий карама-каршылыктарбы? Кийин Американын Сириядан аскерин чыгарып кетишке эмне түрткү болду? Узун суроо бергениме үзүр сурайм. Аллах ыраазы болсун.*

**Жооп:** Эрдогандын Ефраттын чыгышына чабуул кылуу планын жарыялагандан баштап жана Трамптын Америка аскерлерин Сириядан чыгарып кетүү билдирүүсүн бергенден ушул күнгө чейинки кырдаал төмөнкүчө:

**Биринчи:** Эрдогандын саясаты Америка саясатына шайкеш алып барылат. Андан кылча да тайбайт. Балким кадамга кадам Америка саясаты негизинде алып барылат. Ал төмөндөгүдөй:

1 – 2018.12.07. Американын Сириядагы элчиси Жеймс Жефри Анкара келип түрк жооптуулары менен жоолугушту. Американын этаптуу планын, айрыкча Манбиж жана Идлиб жаатындагы Америка планын чийип берди. Жефри Манбиж айланасында тыгыз кызматташуу Сирияда тынчтыкты калыбына келтирүүдө көрүнүктүү мисал болуп калгандыгын баса белгиледи. Ал: «Америка менен Түркия тыгыз кызматташтык алып бармайын бул жерде акыркы чечимге жетүү мүмкүн эмес», - деди. Ал күрд куралдуу жамааттары менен кызматташуу тууралуу мындай деди: «ИШИМге каршы Сирия демократиялык куралдуу күчтөрү менен кызматташ болуубуз тактикалык убактылуу экендигин дайым баса белгилеп айтып келебиз». (RT Online, 2018.12.08.). Бул иш сапардан төрт күндөн кийин Эрдоган Ефраттын

чыгышына болгон жаңы планын жарыялады. Теле аркылуу берилген маалыматта Түрк мамбашы Эрдоган «Элди коргоо биримдиги» көзөмөлгө алган аймакка шилтеме кылып мындай деди: «Биз аз күндөрдө Ефраттын чыгышынан террорист-сепаратисттерди кууп чыгара турган аскерий иш чараны баштайбыз». (Би-би-си, 2018.12.12.).

2 – Түркия Ефраттын чыгышында жаңы аскерий иш чарасын баштоо тууралу берген билдирүүсүнөн бир аздан кийин эле бул билдирүүгө каршы мүнөздөгү Америка билдирүүсү чыкты. Пентагон басма сөз катчысы Шон Робертсон мындай деди: «Ефраттын түндүк-чыгышында бир тараптуу аскерий иш-чара алып баруу, айрыкча ал жерлерде же ага жакын аймактарды Америка аскерлери бар болуп калышы мүмкүндүгү себебтүү бул иш-чара өтө кооп туудурат». Дагы кошумчалап айтты: «Мындай түрдөгү кандай гана иш аракет болбосун, ал биз үчүн кабыл алынгыс». (Халиж жадид сайты, 2018.12.13.). АКШ сенатындагы көрүнүктүү республикачылар жана Пентагон тараптан Түркиянын позициясына каршы билдирүү чыкканда Түркия Вашингтондон чыккан карама-каршы эки билдирүү ортосунда эки анжы болуп калды. Ошондуктан, Түркия Вашингтондон акыркы чечим чыккычакты планын токтотту! Түркия мамбашы Эрдоган 2018.12.17. борбордук провинция Коньяда сүйлөгөн сөзүндө Түркия Сирияда кайсы убакта болбосун аскерий иш-чараны жүзөгө чыгарууга даярдыгын билдирип мындай деди: «Биз Ефраттын чыгышында аскерий амалияттарды баштоону расмий түрдө жарыялаганбыз», дагы кошумчалап айтты: «Бул тууралуу Трамп мырза менен да талкууладык, ал муну макул көрдү» (Рейтер, 2018.12.17.).

3 – 2018.12.19. Америка мамбашы күтүлбөгөн түрдө Америка куралдуу күчтөрү Сириядан чыгарыла тургандыгы тууралуу билдирүү берди. Ал аны ИШИМди жок кылгандыгынын ийгилиги негизинде көрсөттү. Трамп мындай деди: «ИШИМге каршы тарыхий жеңишке жетишкенибизден кийин биздин улуу жигиттерибизди өлкөсүнө кайтаруу убакыты келди». (Россия

сегодня, 2018.12.30.). бул чыгарып кетүү менен Америка Ефраттын чыгышын Түркияга бошотуп бергендей болду. Эрдогандын планына кайрадан жан киргизилди. Ушул эле булактын маалыматтына ылайык «Түркия өлкөнүн түштүгүндөгү Сирия менен чектеш аймактардагы куралдуу күчтөрүн күчтөө максатында кошумча күчтөрдү жиберди».

4 – Трамп Сириядан Америка куралдуу күчтөрүн чыгарып кетүү тууралуу берген билдирүүсүнөн кийин Америка борбору Вашингтондо Америка саясатчылары арасында катуу каршылык бороону башталды. Республикачылар арасындагы көрүнүктүү саясатчылар каршы болушту. Ал тургай, күтүлбөгөн түрдө Америка коргоо министиринин кызматтан кетүүсүнө алып келди. «Америка коргоо министири Жеймс Метис кызматтан кетүү тууралуу арызын берди, ал арызында Трамп менен саясат жаатында күчтүү келишпестиктер болгондугун кыйытты». (Би-би-си, 2018.12.21.). Вашингтондогу орун алган бул жарака менен бирге эле Түркия мамбашы Эрдоган Стамбулда мындай деди: «Өткөн жумада Ефраттын чыгышына аскерий иш-чараны баштайлы деп токтом кылганбыз. Телефон аркылуу мамбашы Трамп менен да байланыштык. Дипломаттар жана коопсуздук кызматкерлери ортосунда да байланышуулар болду. АКШ бул жаатта өз баянатын чыгарды. Ошонун негизинде бир аз күтүүгө туура келди». Дагы кошумчалап айтты: «Ефраттын чыгышында Америка куралдуу күчтөрү чыгып кетишинин натыйжасы көрүнгүчөктү «Күрд куралдуу жамааттарына» каршы аскерий операцияны токтото турууну ылайык көрдүк». (Рейтер, 2018.12.22.).

Ушундан көрүнүп тургандай, Түркиянын Ефраттын чыгышындагы аскерий операциясы эки күндөн кийин кайрадан жаңы күтө туруу этабына кирди. Анткени, ал Вашингтондон келген бороон менен кошо айланат. Аны ишке киргизет же токтотуп коёт. Чабуул кылуу билдирүүсү жана анын токтотулуп туруусу Жефринин иш сапарына жана ал сапардын артындагы иштерге чектелген. Башкача айтканда, Түркия анын ролун бирде көтөрүп,

бирде түшүрүп турган Вашингтонсуз Сирияда өз алдынча саясат алып барбайт. Түркия бийлиги көп учурда Түркия кызыкчылыгына караганда Америка кызыкчылыгын көбүрөөк коргойт. «Ефрат калканы», «Зайтун бутагы» аскерий амалияттары менен кандай гана Америка кызыкчылыгына кызмат кылып берди. Ошондой эле ал Америка кызыл сызыгын өзүнө бекем лаазым тутат. «Ефрат калканы» аскерий операциясында Манбижге жакындай түшкөндө андан өзүн алыс кармагандагы иши муну ачык-айкын көргөзүп турат!

**Экинчи:** Трамптын Америка аскерлерин Сириядан чыгарып кетүү токтомуна түрткү болгон жагдайлар. Аны төмөндөгү нерселерден көрүү мүмкүн:

1 – Американын Ооганстан жана Ирактагы аскерий кийлигишүүсү оңунан чыкпай калгандан кийин. Мурунку Америка мамбашы Обаманы бул жаатта  Америка күчтөрү аз өлчөмдө же такыр эле катышпай турган жаңы ыкмаларды иштеп чыгууга түрттү. Согуштарда союздаштардын күчтөрүн колдонууга басым жасай баштады. Сирияда согуш башталгандан бери Америка аймакта Асадга каршы Сирия козголоңунун үнүн басууга Түркия, Иран, Булуң кызматташтык өлкөлөрү, ошондой эле ЕБти пайдаланды.  Булар да жетишсиз боло баштаганда АКШ Женева келишими аркылуу дипломаттиялык жол менен чечилиши үчүн Орусиядан ачык эле жардам сурады. Ошону менен биргеликте эле Америка Сирия майданында аскерий жагын сактап турду.

Трапм бийликке келгенден кийин бул маселеге кунт койду. 2018.12.19. аскерлерди чыгарып кетүүгө токтом кылынды. Трамп өзүнүн токтомун коргой баштады.  2018.12.20. твиттерде мындай деп жазды: «2016-жылдагы шайлоо компаниясы учурунда Сириядан чыгуу убадасы берилген эле, ошонун өтөөсүнө чыгып жатабыз. АКШ Сирияда башка мамлекеттер Орусия, Иран менен эч кандай акысыз иш алып барып жатат. Башкалар согуша турган убакыт келди. Орусия, Иран жана башкалар – ИШИМге каршы

жергиликтүү душмандар. Биз алардын амалияттарын алып барабыз. Үйгө кайтып калыбына келтирүү убагы келди». Трамптын твиттердеги макаласы расмий гезит аркылуу жарыяланган маалыматта айтылат: «Сирияда 3 ай калууну пландаганбыз. Ал мындан 7 жыл мурун болгон. Ал жерден эч качан чыгып кете алган жокпуз. Мен мамбашчы болгон учурда ИГИЛдин мыкаачылыгы күчөп турган учуру болчу. Мына ал эң жаман жеңилүү менен жеңилди. Анын калган калдыктары менен жеңил күрөштү Түркия сыяктуу мамлекеттер уланта турган жана биз үйгө кайта турган убакыт келди». (Россия сегодня, 2018.12.22.).

Ошол эле маалда Трамп Орусия, Иран, Сирия режимине жана Эрдоганга 2018.09.17. Сочиде Идлиб маселеси боюнча жетишилген келишимдин негизинде Америкага үлкөн кызмат көргөзгөндүктөрү үчүн аларга ырахмат айты. Негизи, бул келишимди Трамп талап кылган эле, алар анын талабына жооп беришти. Америка Сирияда Сирия режимин кулатпастан Исламдын бийликке келип калышынын алдын алуу максатында күрөшүп жаткандай, Орусия, Иран жана анын Ливандагы жамааты, Түркия, Саудия жана алардын жамааттары да ошол максатта Сирияда согуш алып барып жаткандыктарын Америка жакшы билет. Алар бул жаатта ачык да, жабык да келишимдерди кылышты. Астанада, Сочиде жана БУУнун коргоо кеңешиндеги Сирияга байланыштуу токтомдор, айрыкча Америка сунуш кылган 2254-токтому баардык тарап макулдап ишке ашыра турган токтом болуп калды. 2018.07.29. суроо-Жоопто мындай дегенбиз: «Американын планы: «Тынчтыкты сактоо» үчүн аймактык күчкө таянуу, Миср, Саудия жана Түркия күчтөрү ушул максаттын негизинде ишке тартылат. Бул жаңы пайда боло калган план эмес.... Американын Сирия маселесин чечүүдө сырттан күчтөрдү алып келүү боюнча элестетүүсү аягына чыга элек... Трамптын администрациясы Сириянын түндүк-чыгышында ИШИМ жеңилгенден кийин Америка куралдуу күчтөрүнүн ордун Араб каолициялык күчтөрү ээлеп калышын пландап жатат». Трамп муну акыркы билдирүүсүндө ачык эле жарыялады.

2 – Трамп пайда зыян менен чен өлчөм кылган соодагердик негизде пикирлейт. Ал Америка казынасынан Америка армиясына кетип жаткан чыгымдарды азайтууну каалап жатат. Ошону менен бирге, Саудия жана Эмират Күрд армиясынын чыгымдарынын жана аларды куралдантуу жаатында чоң чыгымдарды төлөштү. Ошондой эле эл аралык коалициянын чыгымдарын төлөөгө да катышышты. «Саудия менен Эмират Сирия ичиндеги маанилүү жумшак күчкө айланышты. Медия булактардын отчетунда Эр-Риядын Түркия чек арасындагы Сирия күрддөрүн колдоого алгандыгы берилген». (Миср арабия, 2018.12.04.). Ошондой эле Саудия 2018.12.14. Америка жетектеп жаткан эл аралык коалициянын чыгымдарын төлөгөн суммасын жарыя кылды. Американын басма-сөз катчысы Хизер Науэрт мындай деди: «Жаңы каржылоодо Саудия 100 миллион доллар бөлдү, ошол эле маалда Эмират 50 миллион доллар бөлүүнү убада кылды». (Халиж онлайн, 2018.12.17.). Ошону менен бирге, Трамп армиясынын баардык чыгымдарын, алардын көчүп конгон жана курал жарактарынын чыгымдарын да адатынча пайдага негизделген соодагеринче чыгаша деп эсептеп, аны жабууну каалап жатат. Кийин бул ролду башкалар аткарышын каалоодо. Бул нерсе анын билдирүүлөрүндө ачык эле айтылып жатат. 2018.12.20. Рейтер маалымат агентиги Сириядан чыгып кетүү токтому чыккандын артынан эле жарыялган маалыматта, Трамп дагы кошумчалап айтты: «Америка Ортоңку Чыгышта коопсуздук кызматчысы болуп калмак беле? Баалап баркына жетпеген миллиондорду коргойбуз деп трилиондогон долларларды коротуп, кымбат өмүрлөрдү берип жатабыз. Көпчүлүк учурда биз эмне кылып жатабыз? Ал жерде түбөлүк калып калууну каалап жатабызбы? Башкалар согуша турган учур келди». Ушулардын баардыганан көрүнүп тургандай, Америка согушун башкалар кылып берүүсүн каалап жатат. Америка чыгашасын башкалар төлөп, Америка кымбат баалуу жандарынын ордуна башкалар жандарын берүүсүн каалап жатат!

3 – Трамп тараптарды саясий чечимге жетүүгө аракетке келтирүүнү каалап жатат. Ошондой эле Америка азыркы кырдаалга жараша аз дегенде аскерий аракетке таянбай, саясий чечимге жетүүнү каалап жатат. Бул нерсе Орусия жана Сирия режими Идлибке чабуул кылышын токтотуп койгонунда ачык көрүндү. Анткени, ал өз планын ылайык саясий чечимге жетүү кырдаалын жаратуун каалады. Бул боюнча 2018.09.22. чыккан суроо-жоопто токтолуп өткөнбүз: «Орусия Американын бул саясатын түшүндү... Ошондуктан, ал өз жолунда кризиске чек коюу үчүн Идилибге карата чабуулун ишке ашыра албай калды. Анткени, Түркия Америка түрткүсү менен бул чабуулга каршы чыкты, Иран болсо унчукпады... Мына ушундайча 2018.09.07. Орусия планын негизинде Орусия жолундагы кризиске чек коюу үчүн Идилибге чабуул коюу келишимине жетишүү ийгиликсиз аяктады. Мындан көп өтпөстөн Эрдоган менен Путин чабуул кылуунун ордуна куралсыз аймак түзүү келишимине жетишишти. Бул Америка тарабынан мактоого алынды. 2018.09.18. Новости кабар агентинин маалыматында АКШ Мамлекеттик департаментинин жооптуусу мындай деди: «Орусия менен Түркия Сирия режими жана анын союздаштарынын Идилибге каршы чабуулун токтото турган маанилүү кадамдарды кылышкандыгы менен кубаттайбыз». Мына ушундайча Орусия Идлибди бомбалай турган максатынан кайтты жана Жер Ортолук деңизинде стартта турган кемелерин кайтарып алып кетти. Америка дагы эле түздөн-түз же Түркия аркылуу кыйыр түрдө аскерий чечимден мурда саясий чечимге жетүүгө кызыкдар. Бирок, Америка Идлибде аскерий чечимден мурда саясий чечимге жетүү умтулуусундагы максат Орусиянын Сириядагы базаларына карата кысым шантажы катары пайдаланууну, кийин опозиция саясий чечим алкагында Орусия базалары темасын көтөрүшү максатында аракет кылып жатат... Башкача айтканда, Түркия жана анын артындагы Америка Идлибге карата Орусиянын чабуулун алдын алуулары, Илдибге Сирия режиминин кол салышын тосуу же жарандардын коргоо максатында эмес, балким биринчи

кезекте Америка кызыкчылыгы үчүн кылынды. Америка биринчи кезекте кырдаалды колго алып, кийин Орусияны өзүнө карата ийкемге келтирип алуусу, андан кийин гана Идлибдеги куралдуу болобу же куралсыз жарандардын бейкүнөө кандарынын төгүлүшү алар үчүн жеңил болуп калат. Алардын мындай бейкүнөө кан төгүшү Сириянын ар түрдүү аймактарда ишке ашырган ыплас иштери айтып турат. Алардын буга окшогон кылмыштары баардык тараптан баштарынан ашып түштү...». (цитата бүттү). Мына ушундайча  Трамптын чыгып кетүү токтомун кабыл алышына караганда тараптар бул максатка жакындап калгандыгынан кабар берет. Ал Түркияны алдады. Түркия Америка чыгып кеткенден кийин боштукту толтуруп калам деп ойлоп жатат. Ошондой эле Түркияны ал жерге киргизүү менен күрддөргө коркунуч киргизди. Күрддөр Түркия коркунучунан коргонуш үчүн Сирия режиминен жардам сураганга шашат. Дал ушул нерсени Сирия режими каалап жатат. Күрддөрдүн Түркия коркунучу каршысына Сирия режими Манбажиге куралдуу күчтөрүн жиберди... Анткени, Орусия Сирия режимин колдойт, ошол эле маалда Түркия менен келишимге жетишкен. Ошондуктан, Түркия Манбижде Сирия режими менен согушуп кетиши кыйынчылыкты жаратат. Бир гана аймакта жаңы жагдайлар жүз берип кетсе гана кагылышуулар жүз бериши ыктымал. Мына ушундай Трамп тараптардын астына тандоо калтырбады, бир гана Америка каалоосуна ылайык жөнгө салуу сүйлөшүүлөрүн баштоо тандоосун гана калтырды. Бул боюнча кээ бир тараптар ачык эле айта башташты, кээ бири болсо кыйыр түрдө айта башташты:

а) Орусиянын басма-сөз катчысы: «Вашингтондун Сириядан күчтөрүн чыгарып кетүү токтому кырдаалды толук жөнгө салууга жетишишине салым кошот. Сириядан чыгып кетүү убактысы так эместигине ишаара кылды». (Спутник арабия, 2018.12.26.).

б) «Мудун» булагынын маалыматында: «Эки күн мурду Манбижди көзөмөлдөө жараяны жарыялангандан кийин ал Түркия талабы менен

токотулду. Түркия, Орусия жана Америка сүйлөшүүлөрүн дагы улантуу максатында муну артка жылдырылды». (Мудун, 2018.12.27.).

Ушундан көрүнүп тургандай, Трамп өзү жарыялаган Америка күчтөрүн чыгарып кетүү темасы арты менен тараптарды жөнгө салуу сүйлөшүүлөрүнө тарта алды. Башкача айтканда, тараптар Сирия кризисин чечүүдө бир гана Америка сунуштаган негизде кете турган болуп калышты.

4 – Кийин шайлоо темасы да Трамп баш катыра турган маселелерден. Траптын «биринчи кезекте Америка» аталышы астындагы кампания алкагында сыртта согушууга каршы жеке позициясы бар. Анткени, ушул ураан ага шайлоодо ийгилик алып келгенге шарт жараткан. Кийин Сириядан, Ооганстандан Америка күчтөрүн чыгарып кетүү Трапмка 2020-жылда боло турган шайлоодо ийгилик алып келиши күтүлөт. Ошондуктан, ал Сириядагы 2000 Америка күчтөрүн чыгарып кетүүгө ынтызар болду. (The Guardian, 2018.12.19.). Ооганстандан 7000 (NPR, 2018 12 21) Америка аскерин алып чыгып кеткенден кийин анын Америка эли алдында кадыр баркынын көтөрүлүшү 2020-жылкы шайлоодо кайрадан мамбашы катары шайланышына ийгилик бериши күтүлөт.

**Үчүнчү:** мына ушундайча Трамп айларды талап кыла турган Америка күчтөрүн Сириядан чыгарып кетүү токтому аркылуу малайларын жана жолдоочуларына карата баш оору жаратты. Ал тургай, ал ишке ашышы жай калыпта кетип жаткан учурда алардын баш оорусу болду. Эгер, толук ишке аша турган кандай болот. Болуп өткөн жана болуп жаткан окуяларга көз чаптырылса, Трамп малайларын жана жолдоочуларын кол жоолук катары пайдаланары көрүнүп турат. Эгер, алар акыл жүргүзүшсө андан безип кетишмек бирок алар акыл жүргүзүшпөйт! Ал аларды өз планын аткартуу максатында алдап, кемсинтүү аркылуу аларды пайдаланды. Американын мындай алдоо жана кемсинтүүсүнөн Орусия жана Европа кур калган жок:

1 – Американын ыктыярчы балдары күрддөр Америка аларга Сириядан бөлүнүп чыгып, өзүнчө мамлекет тикелешине шарт жаратып,

аларды куралдандырып машыгуудан өткөрүп, аларды өз коргоосуна алат деп ойлошту. Аларга убада кылынган мамлекет жолунда алар Америка эмнени кааласа, аны аткарып бере турганга айланышты! Ошондуктан, алар Сирияда Америка каалаган кандай гана согуш болбосун, сап алдында болушту! Алардын бул аракеттерин ошол убакта Америка коргоо министири Эштон Картер Сирия демократиялык күчтөрүн мактоого алды. Бул Сирия демократиялык күчтөр деп аталышы Америка тарабынан түзүлгөн күрд куралдуу жамааттарынына карата чүмбөт ролун аткарды. Картер мындай деди: «Алар (ИШИМге) каршы күрөшүүдө кужүрмөндүк менен күрөшүп бизге карата эң жакшы өнөктөш болушту. Биз да буга ыраазыбыз. Биз алардын аймактык татаал ролун эске алуу менен муну дагы улантууга кызыкдарбыз». (Hurriyet Daily News, 2016.03.18.). Мына ушундайча күрддөр Америка аларды ачык да, көмүскө да аларды колдоого алып турат деп ойлошту. Американын Сирия боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Жеймс Жефринин билдирүүсүнө назар салышпады. Ал куралдуу күрд жамааттары менен кызматташтык тууралуу айтып мындай деди: «Биз ИШИМге каршы Сирия демократиялык күчтөрүн колдоого алып жатканыбыз тактикалык убактылуу экендигин ар дайым айтып келебиз». (RT Online, 2018.12.18.). Тескерисинче, алар мындан ибрат алышкан жок, ошондуктан Америка аларды өздөрүнүн кызыкчылыгы үчүн эмес, өз кызыкчылыгына пайдаланышы жеңил болду. Качан Америка күчтөрүн Сириядан чыгарып кетүү Америка кызыкчылыгына дал келген учурда алардын артын Түркия коркунучу астында ачык калтырды. Америка күрддөрдүн кызыкчылыгын этибарга да албастан, өз кызыкчылыгы негизинде Америка күчтөрүн Сириядан чыгарып кетүүгө токтом кылды... Бул нерсе күрддөрдү түрк коркунучунан коргошу үчүн Сирия режиминен жардам сурап барышына түртү. Мына ушул нерсенин өзүн тактап айтканда Америка күрддөрдүн сураныч менен Сирия режими Сириянын түндүгүнө кирип барышын калаап жатканынын дал өзү эле. «Сирия түндүгүнүн көп бөлүгүнө көзөмөл кылып

жаткан күрд жетекчилери Америка күчтөрүн Сириядан чыгарып кетүү токтомуна кыжаалат болушуп, Орусия менен Дамаскты түрк коркунчунан коргошу үчүн чек араны коргоого чакырышты. Бир топ жылдардан бери күрд куралдуу жамааттары көзөмөлүндө турган чек араны коргоо үчүн күрддөр Сирия режими күчтөрүн кайтып келишине чакырышы Трамптын күтүлбөгөн түрдө Америка күчтөрүн Сириядан чыгарып кетүү токтомун чыгарышы күрддөрдү бир топ бушаймандыкка салганы көрүнүп турат». (9 спутник арабий, 2018.12.27.). Сирия демократиялуу күчтөрү күтүлбөгөн түрдө Америка күчтөрүн Сириядан чыгарып кетүү токтому тууралуу мындай деди: «Бул арттан бычак уруу жана миңдеген согушкерлердин канына кыянаттык кылуу». Сирия адам укуктары боюнча байкоочу ишенимдүү булакка таянуу менен: Сирия демократиялык күчтөрүнүн жетекчилиги «Америка күчтөрүн Сириядан чыгарып кетүү Сирия демократиялык күчтөрүнө жана Күрд элин коргоо биримдигине карата артынан канжар менен сайгандай эле болдугун билдирди. Булар өткөн акыркы жылдар аралыгында Ефраттын чыгышындагы жана Манбиж менен биргеликте ИШИМ көзөмөлдөгөн бир топ аймактарга өз көзөмөлүн орнотушкан эле. (Al-Tahrir News, 2018.12.19.).

2 – Ошондой эле Түркия да кыйын, оңтойсуз абалда калды. Ал Америка чыгып кеткенден кийин боштукту толурам деп ойлоп жатат. Айрыкча, Америка күчтөрүн чыгарып кетүү токтому Эрдоган менен Трамптын телефон аркылуу сүйлөшкөндөн кийин жарыяланды. Россия сегодня маалымат булагы 2018.12.19.: «Америка жооптуусу Америка мамбашы Трамп Түркия мамбашы Эрдоган менен акыркы жолу сүйлөшкөнүн натыйжасынан кийин Америка күчтөрүн Сириядан чыгарып кетүү токтомун кабыл алгандыгын билдирди. Бул жооптуу Рейтер агентигине берген маегинде буларга токтолду: «Токтом өткөн жумада Трамп менен Эрдоган телефон аркылуу сүйлөшүүсүнөн кийин кабыл алынды. Дагы мындай деди: Болуп жаткан баардык нерсе ушул телефон аркылуу сүйлөшүүдө жетишилген келишимин негизинде ишке ашырылып жатат».

Трамп менен Эрдогандын телефон аркылуу сүйлөшүүсүн Түркия Анатолия агентиги да басып чыкты. Түркия мамбашы мындай деди: «Трамп бизден ИШИМди жок кыла аласыңарбы? деп сурады «Биз аларды жок кылдык, бул ишти келечекте да улантуубуз мүмкүн... бизге материалдык-техникалык колдоо көргөзүүңөр гана жетиштүү... акырында «америкалыктар» чыгарып кетүүлөрүн башташты. Азыр болсо биздин максат, биз алар менен дипломатиялык алакаларыбызды туура негизде улантуу...». Мына ушундайча Түркия боштукту толтуруп калам деп ойлоп жатат... Бирок, күрддөрдүн талабы менен Сирия режиминин күчтөрү Манбижди көздөй жылды! «Сирия режиминин күчтөрү танктар, жол тандабастар, оор артиллерия жана пулеметтордун жана «кусд», ошондой эле 40 миң аскердин коштоосун менен Аль-Ялни, түндүк-чыгыш Аль-Арима аймагына кирди. Бул Сирия режими «кусд» менен келишим кылып жайгаша турган биринчи аймак, ошондой эле бул биргелешкен күч Жайшул хур менен түрк аскерлери көзөмөлдөгөн пунктуларды да көзөмөлгө алат». (Мудун сайты, 2018.12.27.).

Кийин 2018.12.29. маселени талкулоо үчүн Түркия коргоо, тышкы иштер министирлери жана штаб жетекчисинен турган Түркия делегаттары барышты. Бирок, Орусиянын кээ бир жооптуулары Түркияга карата чагымчыл мүнөздөгү билдирүүлөрдү берди. Орусия ТИМинин басма-сөз катчысы Мария Захарова 2018.12.27. мындай деди: «Негизинен америкалыктар чыгып кеткен аймактарды Сирия режими өз көзөмүлүнө алыш керек», дагы кошумчалап айтты: «Албетте, негизги суроо пайда болот. Америкалыктар чыгып кеткенден кийин аймакты ким көзөмөлдөп калат? Маалым болгондой, эл аралык мыйзамга жараша ал аймактарды Сирия өкмөт күчтөрү көзөмөлгө алышы керек. Биз түрк кесиптештерибиз менен Сирия жаатында мейли тышкы саясат же терооризмге каршы күрөшүү багытында болбосун, конкреттүү саясатты иштеп чыгуу жана аны ишке ашыруу алкагында тыгыз кызматташтык алып барабыз». (Мудун сайты, 2018.12.27.). Көрүнүктүү республикачыл сенатор Линдси Грэм мындай деди: «Трамп

Америка аскерлери Сириядан чыгарылып кеткенден кийин Түркия Элди коргоо биримдиги менен кагылышууларга барбайт деген бекем ишенимде. Трамп НАТОдогу союздашы Түркияга өз кызыкчылыгын коргоп калышы үчүн бейтарап аймак түзүүнү баса белгиледи. Түрия Элди коргоо биримдигин күрд сеператисттик кыймылынын бир бөлүгү катары санайт жана ага каршы чабуул кылуу коркунучун жаратат». (PostArabic, 2018.12.31.).

Кийин «Сириядагы жарашуу үчүн орус-тескөө борбору» катары иш алып барган Орусия армиясы кайтып келди. «Арима шаары жана Манбиж аймагынан алар бир аз мурда эле чыгып кеткен эле». (Мудун сайты, 2018.12.27.). Ушунун баары боштукту толтурам дем үмүт артып жаткан Түркиянын үмүттүн таш каптырды!

3 – Ал тургай салыштырмалуу күчтүү саналган Орусияны да Америка бир кризистен экинчи кризиске алып кирди... Орусия 2015.09.29. Обама менен Путиндин жоолугушуусунан кийин аскерий жактан Сирия маселесине аралаша баштаган күндөн Сирия кризисине батып калганын билет. Путин аскерий жактан Сирия маселесине аралашканынын акысына Крым себебтүү киргизилген санкциялар алынып салынат деп үмүт арткан эле. Бирок, санкциялары алынган жок. Кийин Орусия бул кризистен биротоло чыгып кетүү үчүн Идлибге карай аскерий чабуулга даярдык көрдү. Орусия Идлиб маселесин аскерий жактан чечип алса, андан кийин узак убакытка созулган саясий чечимге жетүү учурунда Сириядан аскерий жактан чыгып кетүүсүнө зыян жетпейт деген үмүттө эле. Бирок, Америка буга тоскоолдук кылып биринчи саясий чечимге жетүүнү алдыга койду. Бул боюнча 2018.09.22. чыккан суроо-Жоопдо токтолуп өткөнбүз: «Мына ушундайча Орусия Идлибди бомбалай турган максатынан кайтты жана Жер Ортолук деңизинде стартта турган кемелерин кайтарып алып кетти. Америка дагы эле түздөн-түз же Түркия аркылуу кыйыр түрдө аскерий чечимден мурда саясий чечимге жетүүгө кызыкдар. Бирок, Америка Идлибде аскерий

чечимден мурда саясий чечимге жетүү умтулуусундагы максат, Орусиянын Сириядагы базаларына карата кысым шантажы катары пайдаланууну, кийин оппозиция саясий чечим алкагында Орусия базалары темасын көтөрүшү максатында аракет кылып жатат».

Кийин андан да жаманы Трамптын аскерлерди чыгарып кетүү токтому болду. Кийин Ефратын чыгышындагы күрд аймактарында жана Манбиж аймагында Орусия Түркия менен Сирия режими ортосунда түшүп калды! Орусия Сирия режимин колдоого алат жана Орусия менен Түркия ортосунда келишим бар. Түркия аскерлери менен Сирия режиминин күчтөрү бири-бирине жакын жайгашышты, Орусия болсо алардын ортосунда эгер кагылышуулар жүз берип кетсе Орусия кандай айла кылат... Мына ушундайча Америка Орусияны бир кризистен экинчи кризиске кептеди!

4 – Ал эми, Европа болсо алардын арасында эл аралык коалицияга мүчө болгондор бар. Америка Сириядан армиясын чыгарып кетиши менен алар да кыйын абалда калышат, алар ал жерде өздөрү да калып кала алышпайт. Ошол эле маалда, алар Америка сак саламат аларды алыстан күзөтүп турбастан Сирияда калып Сирия кыйынчылыгын тартышын да каалап жатышат. Ошондуктан, чыгарып кетүү токтомуна «каршы чыгышты», Британия өкмөт башынын басма-сөз катчысы мындай деди: «ИШИМге каршы эл аралык коалиция бир топ ийгиликтерди жарата алды, бирок ошентсе да алдыда дагы көптөгөн иштер бар. Биз эстен чыгарбашыбыз керек, ИШИМ аймакка ээ болбой туруп деле коркунуч жарат. ИШИМ дагы деле чоң коркунуч боюнча калууда». (Евроньюс, 2018.12.19.). Башкача айтканда, Трамптын чыгарып кетүү токтомунда бетине кармап жаткан далилин (ИШИМди жок кылдык) жокко чыгарды. Ошондой эле Франция мамбашы да муну айыптады. Эммануэль Макарон Америка мамбашы Трамптын Сириядан армиясын чыгарып кетүү токтомун айыптап мындай деди: «Союздаш ишенимдүү болушу керек», Чаддын борбору Нджаменден туруп сүйлөгөн сөзүндө мындай деди: «Трамптын Сириядан армиясын чыгырып

кетүү токтому менен абдан өкүндүрдү. Союздаш  жанма жан туруп согушушу керек», дагы кошумчалап айтты: «Франция куралдуу жихадий жамаатар менен согуш алып барууда Чад менен жанма жан туруп согуш алып барып жатат».  (Би-би-си, 2018.12.23.).

**Төртүнчү:** өкүндүрө турган нерсе колонизатор капырлар биздин көйгөйүбүздү көзөмөлдөп токтом чыгарып жаткандыктары. Ал токтомду мусулман өлкөлөрүнүн акимдери Аллахтан жана Анын Пайгамбары с.а.в.дан эч уялбастан ал токтомдорду ишке ашырып берип жаткандыктары. Балким, аларга акыйкат баян кылынган сайын өз кожоюндарын дагы көбүрөөк ыраазы кылып өз мансабдарын сактап калуу үчүн ал акыйкаттан дагы да узакташууда. Алар өздөрүнөн мурдагы малай акимдердин тагдырлары кандай болгонуна назар салышпады, ал малайлардын дооору бүткөн соң кожоюндары түкүрүп койушкан эле.  Алар ошол өз кожоюндарынын колунда эки дүйнө бактысыздыгын табышты.

***«Алар** (башкаларды) **андан** (хактан) **кайтарышат жана өзүлөрү да андан четтешет. Алар сезбестен өзүлөрүн гана жок кылышты»*** [6:26]. Эки дүйнө бактысыздыгына тушуккан мындан бөлөк адам барбы!

**23-робиус-саний, 1440-х.**

**30-декабрь, 2018-м.**

## Судан маселеси тууралуу суроолорго жооптор

**Суроо:** *2004-жылдын 31-декабры – Судан өкмөтү менен Гаранг жетекчилигиндеги козголоңчулар кыймылы – түштүктөгү жарандык согушту токтотуу туурасындагы келишимди толук аткарууга келише турган күн. Бул келишимге 2004-жылы 19-ноябрда, Нью Йорктогу туруктуу кеңсесинде эмес, балким, Найробиде чакырылган Коопсуздук кеңешинин алдында кол коюлган эле. Коопсуздук кеңеши Африкага бирер өкүлүн жөнөтүп коё калбастан, балким, ал жакка кеңеш мүчөлөрүнүн бардыгынын келиши Судандын иши канчалык маанилүү экендигин билдиреби? Же Коопсуздук кеңешинин чакырылышында башка арамза ниеттер да барбы?*

**Жооп:** Судан маселесинин маанилүүлүгүнө келсек, ал абдан маанилүү. Анткени, өткөн кылым ичинде т.а. Британия таасиринин ал жерге кирип келиши менен жана анын Египетке байланганынан тартып, ал Батыштын көңүл чордонунда болгон. Кийин Судан Египеттен бөлүнүп чыккан соң, Англия таасиринин ага келип-кетип турушу, Нумайрий жана Баширлер доорунда Америка таасири келип орношконго чейин уланды. Европа (Британия менен Франция) алиге чейин ага кирүүгө умтулуп келүүдө. Мындай абал Суданга кирип баруу үчүн жакында алар Дарфур маселесинен пайдаланмакчы болушканда күзөтүлдү. Ушуга караганда, маанилүүлүк жагынан Судан эң зор мааниге ээ жана ал эл аралык саясатта митайымдардын көңүл борборунан орун алган.

Бирок, бул маселе Судандын өзүнө эле тиешелүү болгондо, анда бул теманы талкуулоо үчүн Коопсуздук кеңешинин Найробиге келишине зарылдык туулмак эмес, бар-жогу Коопсуздук кеңешинен же Америка жана Европадан бирер өкүл чакырылмак. Себеби, мындай абал мурун да жүз берген эле.

Бирок, бул теманы күзөткөн киши, Буштун биринчи президенттик доорунда Кошмо Штаттарды Афганистан жана Ирак окуялары дээрлик толугу менен алек кылган болсо, эми Кошмо Штаттар Африкага олуттуу этибар карата баштаганын көрөт.

Ушул жагынан алганда, Коопсуздук кеңешинин Африкадагы жыйналышы да Кошмо Штаттардын Африкага карата олуттуу жүздөнүп жатканынан дарек берет. Мунун далилдери төмөндө келтирилет:

1. Коопсуздук кеңешинин Найробиде чакырылышын сунуш кылып, катуу турган киши – 2004-жылы ноябрь айында Коопсуздук кеңешинин төрагасы болгон АКШнын өкүлү Жон Дэнфорт.

2. Найробиде чакырылган Коопсуздук кеңеши бир эле Судан маселеси тууралуу талкуу жүргүзүп калбастан, чоң колдор аймагынын он беш мамлекети жөнүндө да айтып өттү. О.э. Коопсуздук кеңеши Дорус-Саламда

өткөрүлгөн бул мамлекеттердин саммит-конференциясына өзгөчө этибар каратты. Анда ушул мамлекеттердин президенттери катышып, өз ара тынчтык келишимине кол коюшту. Кийин, экинчи конференциясын 2005-жылы июль айында Найробиде чакырууга токтом кылышты. Чоң колдор мамлекеттеринин саммит-конференциясы Коопсуздук кеңешинин Судан маселесине сарптагандан көрө кыйла көп убактысын алды. Себеби, Судан маселесинин күн тартиби анык болчу, беренелердин көбү талкууланган эле жана аларга Судан өкмөтү менен Гаранг кыймылынын ортосунда келишип алынган эле. Булардын кылар иши протокол боюнча жолугушуу жана кол коюу эле болчу.

Ушуга негизделип, Америка Буштун экинчи президенттик доорунда Африкага каратылган чабуулун Суданга эле эмес, балким, чоң колдор регионундагы бардык он беш мамлекетке эки параллель сызык боюнча багыттоого токтом кылды деп айтууга болот: биринчиси – ушул региондогу үч малайын (Уганда, Руанда, Бурундини) турукташтыруу болсо, экинчиси – калган чоң колдор мамлекеттерине карата ушул үчөөсүнөн келип чыгып иш алып барат. Демек, Американын Африкадагы негизги планы чыгыштан Эритрея, Эфиопия жана Судандан (өзгөчө, анын түштүгүнөн) Африка өлкөлөрүнө, чоң колдор мамлекеттерине чейинки, анан батыштагы Кот д'Ивуарга (Пил сөөгү жээгине) чейинки жерлерди өз ичине алат. Себеби, Буштун экинчи президенттик доору башталышы менен Кот д'Ивуар окуяларын козгоодо Американын активдүү ролу бар экендиги анык билинип калды. Муну Буштун экинчи президенттик доорунан баштап «Америка Африкага карай өз чабуулун өнүктүрүүгө токтом кылды» деген сөзү ырастап турат. Бул иштин жашыруун жайы калбаган. Себеби, Кот д'Ивуар президенти (Лоран Гбагбо) Американын жардамына таянып аракет кылды, бирок, уруксат берилген чегарадан чыгып кетти. Көпчүлүгү мусулман болгон түндүктөгү каршылык кыймылы менен Кот д'Ивуар мамлекетинин ортосун ажыратып туруш үчүн эл аралык күч катары турган Франциянын чегара

кошуунуна ок атты. Анын бул катасы Американы кыйын акыбалга салып койду, натыйжада, ага жардам бере албай калды. Франция бул учурдан пайдаланып, Африкадагы малайларын аракетке келтирди. Аларга Британия да малайлары менен көмөктөштү. Абужада Африка союзунун жыйналышы чакырылды. Бул жыйналышта союз – кийинчерээк Коопсуздук кеңешинде талкуу кылына турган – Франция токтомунун долбоорун колдоп-кубатташын билдирди жана ошол жерде Кот д'Ивуардын 13 ай курал-жарак иштетишине тыюу салуучу беренени өз ичине алган токтом макулданды.

Эгер Кот д'Ивуардын президенти Франция кошуунуна ок атып ката кетирбегенде, Франциянын аерде туруу мөөнөтү акырына жетмек жана Америка таасири ал жерде орношуп калмак. Саясат таануучуларга Кот д'Ивуардын Францияга каршы аракеттениши Америка үндөөсү менен болгону белгилүү эле. Бул жаатта Париждеги геосаясий изилдөөлөр борборунун директору билдирүү жасап: «Кот д'Ивуар президенти – тапшырманы аткаруу үчүн жана Кот д'Ивуарды Америка менен болгон эсеп-китептеринде ушул жээкти бүтүндөй тапшыруу менен төлөй турган майданга айландыруу үчүн – Францияга каршы согуш уюштурууда», - деди.

Кошмо штаттар Кот д'Ивуар президенти менен шарт-абалдарды дагы да тереңирээк үйрөнүп чыгып, кыябын таап, окуяларды кайтадан козгошу да мүмкүн. Эмнеге дегенде, Кошмо штаттар Атлантика жээгинде стратегиялык позицияга ээ болгону үчүн Кот д'Ивуарды эч качан өз абалына таштап койбойт. Себеби, мындай позицияга ээ болуу найзанын учуна ээлик кылуу болуп, Америка Африкага чукурураак кирип баруу максатында аны ишке салат. Эгер ал бүтүндөй өзүнүн колуна өтүп, Франциянын (Европанын) ал жердеги таасири бүтсө, Америка Африканын батышынан туруп чыгыштагы Эфиопия, Эритреяга, Судандын түштүгүнө, Африканын ортосунан чоң колдор регионуна, өзгөчө, Уганда, Руанда жана Бурундилерге толугу менен жетишкен болот.

Бир сөз менен айтканда, Коопсуздук кеңешинин Найробидеги жыйыны Кошмо штаттардын Африканы ээлеп алуу үчүн ага олуттуу көңүл буруп жатканына далалат кылат.

**3-зулкаъда 1425-х.**

**15-декабрь 2004-м.**

## Дарфур маселеси

**Суроо:** *Дарфур маселеси дагы эле кескин болуп турат. Айрыкча, акыркы убактарда барган сайын курч көрүнүшкө айланып бара жатат. Ко-ош, Дарфур Судандын түштүгүнө окшоп дээрлик бөлүнүп чыккан регион болуп калабы, же бул иш башкачараактпы, ал бул регионго кеңирирээк башкаруу укуктарын берүүдөн нарыга өтпөй, бул регион Судандын бир бөлүгү болуп кала береби? Кала берсе, эл аралык күчтөрдүн Африка күчтөрү менен бирге катышуу темасы азыр кандай абалда? Бул иш билдирүүлөрдө жана конференцияларда – бул конференциялардын акыркысы 2007-жылы 28-апрелде Ливияда өткөрүлгөн Дарфур конференциясы болду – этибарды тарта турган түрдө кызуу түс алган эле, ошондой эмеспи?*

**Жооп:** (Биз мурунураак 2004-жылы 28-июлда Дарфур жөнүндө суроого жооп чыгарып, анда бул проблеманын негизи кандай пайда болгонун анык түшүндүргөн элек).

Дарфур проблемасы айрым жактары боюнча Судандын түштүгүнөн айырмаланат. Судандын түштүгүнө тиешелүү проблемада негизги нерсе түштүктүн Судандан өзүнчө эгемендүү болуп бөлүнүп чыгып, Американын аскерий базасына айланышы эле. Ошондо Америка бул базадан туруп беймарал Африкада саясий жана аскерий иш алып бара турган болот. Т.а. Америка Африкадагы айрым мамлекеттердеги, мисалы, Судан акимдери сыяктуу малайларынын бар болушуна канааттанбай калды. Тескерисинче, ал өзүнүн таяныч аскерий базаларынын болушун каалап калды. Ошондуктан, Америка күч-кайратын сарптап муну чечүүгө жана «Найваши келишими»

пункттарынын тартибин түзүүгө киришти. Ал бул иште Европанын шерик болушун каалабады. «Найваши келишиминин» хужжаттары бул бүтүмгө 2005-жылы январда кол коюлгандан алты жылдан кийин Судан түштүгүнүн референдум аркылуу бөлүнүп чыгышына жол даярдайт. Бул эле эмес, балким, бул бүтүмдүн хужжаттары Судан түштүгүн азыртадан эле өз армиясына, каражат жана байлыкта өз үлүшүнө ээ болгон дээрлик башка бир мамлекет формасына келтирип коёт. Ал тургай, түндүк менен түштүктүн ортосунда жайгашкан Абийе да ал жердеги козголоң себептүү түндүк менен түштүк ортосундагы чырдуу зона эсептеле турган болду. Ал кудум эки мамлекет ортосундагы нейтрал зонага окшоп калды!

Дарфур проблемасын келтирип чыгарган Европа (Франция менен Британия). Себеби, булардын түштүк проблемасынан эч нерсеге ээ болбой чыгып кетиши аларды Суданда дагы бир проблеманы издөөгө үндөдү. Алар өз таасирлерин, мейли, толо болбосо да, айрым бир бөлүгүн тикелеши, натыйжада, Америка аларды олжого шерик кылышы үчүн ошол проблеманы козгошу керек эле.

Дарфур проблемасы алгач уруулар ортосунда адатта жүз берип тура турган жайлоо, эгин жерлери жана суу талашуу сыяктуу жөнөкөй иштер менен башталды. Анысы келип чыгыш теги африкалык, мунусу болсо араб болгон уруулар ортосундагы мына ушул иштерге тиешелүү бул келишпөөчүлүк барган сайын күчөп, курчуп жатты. Судан өкмөтү бул ишке олуттуу киришкенде эле, бул проблеманы башынан эле чечип коюшу мүмкүн эле. Бирок, Америка Судандын түштүгү менен убара эле жана бул жаатта Судан өкмөтүнүн күч кайрат сарпташын каалар эле. Америка түштүктөгү козголоңчу фронттун да мурун Судан түштүгү проблемасын бир жактуу кылууга карай аракет кылышын, мына ошодон кийин гана Дарфур проблемасына этибар каратышын каалады. Америка Дарфурга автономияга окшош бир нерсе берип, уруулар ортосундагы карама-каршылыктарды биротоло чечмекчи эле. Ошондуктан, Дарфур проблемасы мына ошол убакта

сүйлөшүү столуна коюлбады. Аны талкуулоо Судан түштүгү проблемасы толук бир жактуу болгонго чейин кечиктирип турулат деген этибарда, ага кез-кезде гана кайрылып турулду.

Европа муну т.а. Американын түштүк менен алек болуп калганын жана Дарфур проблемасы талкуусун артка сүрүп жатканын түшүнүп калды. Ушул себептен улам, Европа муну Америка менен ага малай болгон Судан өкмөтүнүн түштүктөн колу бошошунан мурун Дарфур проблемасын козгоо үчүн абдан ыңгайлуу учур деп билди. Ошондой да болду.

Франция Чад аркылуу козголоңчуларга курал-жарак жеткирип берүүнү баштады. Муну ошол козголоңчулардын жайлоолору, жерлери жана үй-жайларын коргоо деген шылтоо менен ишке ашырды. Акыбетте Дарфурда курал-жарак көптөп таркалды. О.э. «Жанжавид» уруусу да куралданды жана «жара жарылды», кризис дагы да кескин түс алды... Кыргын, өрттөө, ойрон кылуу, ар-намыстарды тебелөө массалык көрүнүшкө айланды. Франция Судан өкмөтүнө каршы козголоң көтөргөндөрдү Чад аркылуу аскерий жактан колдоп-кубаттап турду жана коопсуз башбаанек менен камсыздады. Британия болсо абалды дагы да кескиндештирүү үчүн массалык маалымат каражаттарында жар салууну күч алдырды. Судан болсо буга каршы «Жанжавид» отряддарын колдоп-кубаттады.

Ошентип, Дарфур проблемасы майданга чыкты жана БУУнун кулуарларына чейин жетип барды. Франция Британиянын колдоп-кубаттоосу менен аскерий аралашуу жаатында басым өткөрө баштады. Америка болсо Суданды бул ишти чечүү жөнүндө эскертүү жана ага мөөнөт берүү менен буга т.а. аскерий аралашууга каршы чыкты. Бул ачык-айкын күрөш эле. Себеби, француздар аралашуу үчүн армияларын даярдай башташты, даярдап эле калбастан, амалий ишке да өтүштү. Себеби, алар «булчуңдарды» көрсөтүү үчүн Чаддын Дарфур менен чектешкен жерлерине аскерий күчтөрдү жиберишти. Блэр болсо 2004-жылы 22-июлда 5000 аскерден турган британ жардамчы аскерий күчтөрүн жиберүү сунушу менен чыкты. Дал ушул

күнү Америка Коопсуздук кеңешине «Суданга бул ишти тынч жол менен чечүүнү жүктөй турган жана ага бир ай мөөнөт бере турган, антпесе, жаза чараларга дуушар болушу жөнүндө эскерте турган» долбоорду сунуш кылды.

Иштер ушундай көрүнүштө улантылып, 2005-жылы январда «Найваши келишимине» кол коюу менен аяктады. Муну менен болсо Судан түштүгү проблемасы бир четке чыгып калган темага айланды жана Дарфур темасы боюнча талкуу-тартышуу кызуу түс алды. Ошондон кийин бул жаатта 2005-жылы 5-июлда «Абужа келишимине» кол коюлду.

Мына ошол эки келишимге назар ташталса, Судан түштүгүнө тиешелүү проблеманын чечими сепаратчылык-бөлүнүп чыгуу көрүнүшүндө иштеп чыгылгандыгы, Дарфур проблемасынын чечими болсо кең автономиялык башкаруу укугун берүү жана жакынкы келечекте бөлүнүп чыгууга алып келбей турган түрдө иштеп чыгылганы айкын болот. Бирок, Дарфур да адатта кең автономия берилген региондордо жүз берип жаткандай ыңгайлуу учурда бөлүнүп чыгууга даяр болгон абалга келет.

Америка тынчтыкты сактоодо Суданга жардам берүү үчүн Дарфурга кире турган күчтөрдүн Африка союзунан болушуна умтулду. Максаты Британия менен Франциянын Коопсуздук кеңешинин туруктуу мүчөлөрү катары аралашууларына жол койбоо (же күчсүздөнтүү) үчүн, бул маселени Коопсуздук кеңешине жакындаштырбоо эле. Себеби, Британия менен Франция эл аралык күчтөрдү түзүү жөнүндөгү токтомдорго вето коюу укугуна ээ эле. Ошентип, бул тема талаш-тартышуу ортосунда калып кетти: Америка тынчтыкты сактоочу күчтөр бир гана Африка союзунан болушун каалаҫа, Европа эл аралык күчтөр жиберилишин каалады. Америка эл аралык токтомдордун Суданга аларды аткаруу үчүн мөөнөт бере турган, антпесе, жаза чаралар колдонулушун билдирген токтомдор болушу үчүн басым өткөрсө, Европа эч кандай мөөнөт бербей, эл аралык күчтөрдү жиберүү туурасында токтом чыгарууну талап кылды. Иштер азыр да ушундай көрүнүштө улантылууда. Себеби, ал акыр-акыбет күчтүүрөөк тараптын

«тараза ташы» оор келе турган күрөш. Бул күчтөр орточо чечимге жетишкенге окшоп турат т.а. амалий күчтөр Африка союзунан болушу жана аларды БУУ тарабынан жибериле турган анча чоң болбогон күчтөр колдоп-кубатташы туурасындагы чечимге жетишкенге окшойт.

Америка бул чечимге жол даярдоого киришти. Бирок, аны мүмкүн болушунча артка сүрүү ыгында киришти. Ушул максатта Америка тышкы иштер министринин жардамчысы Негропонтини Хартумга жиберди. Негропонти 2007-жылы 14-апрелде Дарфурга инспекция максатында сапар кылды, кийин Хартумга кайтып келип «бул региондогу гуманитардык абал жакшырып бара жатат» деп билдирүү жасады. Ал мунун жетиштүү эместигин жана Хартум БУУ күчтөрүнө жардам берүүчү эл аралык күчтөргө ыраазылык бериши керектигин кошумчалады.

Судан тышкы иштер министри 2007-жылы 16-апрелде өз мамлекети БУУнун Африка күчтөрүн колдоп-кубаттоо туурасындагы планынын экинчи баскычына ыраазылык беришин жарыя кылгандан кийин, Негропонти бул жерде андан көрө көбүрөөк нерсеге муктаждык бар экендигин айтып, ага терс жооп берди. Бирок, ишти тездеткен нерсе Блэрдин 2007-жылы 18-апрелде Суданга каршы жаза чараларын колдонуу туурасында бир токтом долбоорун Коопсуздук кеңешине сунуш кылышын жарыя кылышы болду. Блэр Дарфурда болуп жаткан окуялар эл аралык коомчулук үчүн коркунучтуу экендигин кошумчалады. Европанын эл аралык күчтөрдү жиберүү туурасында токтом кабыл алынбаганы үчүн өзүн кармай албай каардanганы анык эле. Мына ошондо Америка орточо чечим үчүн ыңгайлуу учур келгенин билди. Ошондуктан, Буш дал ошол күнү т.а. 2007-жылы 18-апрелде өзүнүн башкы катчысына эл аралык күчтөр туурасында президент Башир менен бирге аракеттерин улантышы үчүн убакыт берүүгө чечим кылгандыгын билдирди жана кошумчалап, «президент Башир башкы катчы менен кызматташтык кылуу үчүн жана эл аралык коомчулуктун адилеттүү талап-калоолоруна лаббей деп жооп берүү үчүн акыркы убакыттан

пайдаланып калышы керек» деди. Американын Африка союзу күчтөрүн колдоп-кубаттоочу ылайыктуу эл аралык күчтөрдү жиберүү туурасында орточо чечим токтомун кабыл алгандыгы анык эле.

Буштун бул токтому (жана андан мурун Негропонтинин позициясы) Баширдин кыйын, ыңгайсыз абалга түшүп калышына себеп болду. Себеби, Башир Американын эл аралык күчтөр жиберилишине ыраазы болбоо жөнүндөгү талабына карата бул күчтөрдүн жиберилишин четке кагып келе жаткан эле. Эми болсо Америка андан бул күчтөрдүн жиберилишине ыраазылык беришин талап кылып жатат. Ошондуктан, Башир «агынан жарылып» 2007-жылы 19-апрелде: «Судандын бардык проблемаларынын артында Америка турат» деп айкырды.

Бирок, бул кеп узакка бекем турбады. Себеби, Судан өкмөтү 2007-жылы 22-апрелде «БУУ башкы катчысынын сунушун алкыштарын...» билдирди!

Ошондуктан, демек, эл аралык ылайыктуу күчтөрдүн Африка союзу күчтөрү менен биргеликте катышуусу реалдуу нерсеге айланды. Бул күчтөрдүн саны, укуктары, камсыздалышы... өз ара күрөшүп жаткан күчтөрдүн стандарт-өлчөмдөрүнөн келип чыгып белгиленет.

Ливияда Дарфур маселесине арналган конференциянын акыркы жыйынын күзөткөн адам бул конференцияга 2007-жылы 28-апрелде келген өз ара күрөшүүчү күчтөр: Америка өкмөтүнүн өкүлү, Британия өкмөтүнүн өкүлү, Франция өкмөтүнүн өкүлү, БУУ, Африка союзу, Египет, Судан, Чад, Эритрея, Ливия тышкы иштер министрлери экенин көрөт.

Орточо чечимди белгилеп бере турган нерсе болсо, бул жана ушуга окшош конференцияларда негизги, башкы күчтөр ортосунда боло турган күрөш болот.

**13-робиус-саний 1428-х.**

**30-апрель 2007-м.**

### Суданда АКШ менен Европанын кескиндиги тууралуу

**Суроо:** *Эл аралык соттун Дарфур окуяларына карата ал-Башир ишин карап чыгышы каерге жетип келди? Кошмо Штаттар жана Европа ортосундагы кескиндиктин күзөтүлүп жаткан жумшашы алардын бул маселелерде компромисске жетишүүлөрүнө жакын калганын түшүндүрөбү?*

**Жооп:** Биринчиден: бул суроого жооп берүү үчүн ушул маселеге тиешелүү окуяларды жана ага таандык нерселерди карап чыгуу керек болот:

1. Эл аралык сот Европа колу менен жасалган «куурчак» болуп, ал эл аралык мыйзамчылык, деген чүмбөт астында өз кызыкчылыктарын сактап калуу жана Америка чабуулуна дуушар болбоо үчүн ушул сотту ишке салат. Эл аралык сот 1998-жылы Рим келишими, деп аталган нерсе боюнча түзүлгөн. Аны түзүүдөн максат «геноцид (массалык кыргын), адамзатка каршы кылмыштар жана согуш кылмыштары» сыяктуу кооптуу, эл аралык майданда маани берүү керек болгон кылмыштарды жасаган адамдарды куугунтуктоо. Бул сот мына ушул кылмыштарды кылган адамдарды мамлекеттердин жергиликтүү соттору эч кандай активдүү чаралар көрүүгө жетише албагандан кийин акыркы вариант катары сот кылат.

2. АКШ 2000-жылы, 31-декабрда Рим келишимине кол койгон. Кийин Клинтон президенттиктен кетпестен туруп аны тастыктаган. Бирок, Америка конгресси бул келишимди тастыктабады. Бул сот өз ишин баштоодон мурун 2002-жылы Жорж Буш өз мамлекетинин мына ушул келишимдеги колун кайтарып алды. Мына ушундан кийин Буш америкалык аскерлерди коргоо жөнүндөгү жана бул соттун америкалыктарды камакка алышына тыюу салуу, алардын бул сот чараларына моюн сунбастыгы жөнүндөгү мыйзамдарды чыгарды. Мына ошол учурдан тартып Америка бул сотко душман болуп калды.

3. Америка Рим келишимине кол койбогонуна жана Судан да ага кол койбогонуна карабастан, Европа Союзу, айрыкча Франция, кийин Британия Коопсуздук Кеңеши тарабынан Дарфур маселесин эл аралык сотко ашыруу тууралуу токтом чыгарылышы үчүн эл тарабынан боло турган

жергиликтүү басымдарды жана дүйнөлүк басымдарды жүзөгө келтирүүгө жетишти. Негизи, Судан айтып өткөнүбүздөй, ошол келишимге кол койбогон. Европа бул маселени сотко ашырууну ошол келишимдин «бул сот ар кандай маселени эгер сот бул маселе дүйнө тынчтыгына кооп салат, деп билсе, карап чыгуу укугуна ээлиги» көрсөтүлгөн беренелердин бири менен актады. Муну тастыктоо үчүн европалыктар, айрыкча Франция Дарфур окуяларынан пайдаланды жана ал жерде жүз берген кылмыштарды ашыра, үлкөн кылып көрсөттү. Ушундай көрүнүштө дүйнө коомчулугунда Дарфурда жүз берип жаткан окуялар тынчтыкка кооп салат. Буга себеп миллиондогон качкындардын пайда болгондугу, жүз миңдеген адамдардын өлтүрүлгөндүгү, геноцид жана согуш кылмыштарына чейин жеткен кылмыштар, деген пикирди пайда кылды… Франция менен Британия Судан өкмөтүнө жана ушул өкмөткө байланган «Жанжавид» уюмуна карата берилген кылмыштарга жан үрөп басым берди, Европа тарабынан, өзгөчө Франция тарабынан колдоп-кубатталган козголоңчу кыймылдар кылган кылмыштарга болсо көз жумду.

4. Ошентип, Франция менен Британия Дарфур окуяларынан пайдаланып ал-Башир өкмөтүнө каршы өздөрүнүн элдин жан тартуусуна жетишти. Ушул даражада дейсиң, Америка Коопсуздук Кеңешинин 2005-жылы, марттагы бул маселени эл аралык сотко ашырууну талап кылган 1593-номерлүү токтомуна добуш берүүдө вето укугун ишке салбай, келбей коюу менен гана чектелүүгө мажбур болду. Негизи, Америка бул токтомду чыгартууда европа колу бар экенин жана өзүнүн Судандагы таасирине каршы каратылганын абдан жакшы билет эле! Ошентип, жогорудагы токтом эч бир каршылыксыз 11 добуш менен кабыл алынды. Аны кабыл алууда төрт мамлекет гана Алжир, Бразилия, Кытай жана АКШ катышпады. Негизи, Америка бул токтомдун талкуусунда мамлекеттерге коркутуп, аны кабыл алууну жактап, добуш бербөөнү уктурган. Бирок, Франция менен Британия Башир өкмөтүнө каршы Дарфур кылмыштары себептүү жүзөгө келтирген коомчулук пикири ушул

даражада күчтүү эле дейсиң, акыбетте АКШ Дарфур маселесин эл аралык сотко сунуштоо жөнүндөгү токтомго каршы чыгууга батына албады, балким келбей коюу менен гана чектелди.

5. 2007-жылы, февралда Эл Аралык Соттун башкы прокурору Луис Морено Окампо соттон мурунку ички иштер министри Ахмад Махмуд Харун жана «Жанжавид» күчтөрү командачысы Али Махмуд Алини (аны Али Кушаиб деп да аташат) камакка алуу туурасында ордер берүүнү талап кылды. Бирок, Судан бул сот ордерин четке какты. 2007-жылы, апрелде сот экөөсүн камакка алуу үчүн ордер берди. Бул ордерде Харунга каршы 42 айыптоо, анын ичинен кыргын кылуу, куугунтуктоо, кыйноого салуу айыптоолору, Алиге каршы болсо 50 айыптоо, анын ичинен кыргын, катардагы жарандарга атайлап кол салуу айыптоолору көрсөтүлгөн. Бирок, Судан айыпталып жаткан бул эки адамды тапшырууну ошол замат эле четке какты.

6. Судан Европанын катуу басымдарына карабастан, камакка алуу жөнүндөгү ордер берилгенден кийин сегиз ай ичинде ошол айыпталып жаткан эки адамды тапшырууну катуу четке кагып келди. Акыры келип, 2007-жылы, ноябрда Европа Союзу мамлекеттери, эң оболу Британия Коопсуздук Кеңешинен Суданга кошумча басымдар өткөрүүнү талап кылды. Британия элчиси Жон Саорс мындай дейт: «Адам укуктарын бузууда айыпталып жаткан бул эки адамдын бири Судан өкмөтүндө министр болуп турушу Коопсуздук Кеңеши үчүн шерменделик. Башкы прокурор келерки айда Коопсуздук Кеңешине сунуштай турган отчёт анчейин үмүт ойготпошунан кабатырдамын». Мына ошондон кийин Британия менен Франциянын Дарфурдагы малайлары болгон козголоңчулар башчылары да тезде аракетке келип, Коопсуздук Кеңешинен дароо чаралар көрүүнү талап кылышты. «Судан элдик азаттыгы» кыймылындагы козголоңчулар башчыларынын бири Абдул Важид Ан-Нур «Судан минбары» гезитине интервью берип, мындай дейт: «Дарфурда тынчтык орнотууга жетишүү үчүн Дарфурдагы кызматтагы адамдардын кол тийгистиги деген түшүнүктү жок

кылуу керек». Ал кошумчалап, мындай дейт: «Коопсуздук Кеңеши өзүнүн 1593-номерлүү токтомуна таянып берилген камакка алуу жөнүндөгү ордер боюнча Судандын кызматташтык кылышына ишениши керек». Абдул Важид Коопсуздук Кеңеши тарабынан кескин чаралар көрүлбөй турган болсо, бул нерсе ушул Кеңештин проблеманы чечүүгө кудуретсиз экендигине бир далил болушунан эскертти. 2007-жылы, 3-декабрда Дарфурдагы козголоңчулар кыймылы «Адилет жана теңдик кыймылы» эл аралык коомчулукту Эл Аралык Соттун Дарфурга таандык ишинде ушул сот тарабында туруууга чакырды. Бул кыймылдын расмий өкүлү Ахмад Хусайн Ахмад «Судан минбары» гезитине берген интервьюсунда мындай дейт: «Адилеттикти орнотопой туруп Дарфурда туруктуу тынчтык орнотуп болбойт». Мына ушул убакытта башкы прокурор Окампо жаңы иш даярдап жатканын айтат.

7. Буга кошумча катары, европарламент 2008-жылы, 22-майда Эл Аралык Сот менен кызматташтык кылбаган Судан жетекчилеринин капиталдарын «тоңдуруп» коюуга чакырды. Сот башкы прокурору Судан өкмөтүндөгү чоң мансаптагы адамдарга каршы жаңы иш жарыя кылышын билдирди. Европа Союзу жана АКШ саммитинде Франциянын БУУдагы өкүлү Жин Морис Роберт мындай дейт: «Франция менен Европа Союзу эгер Судан кызматташтыктан баш тартууну токтотпой турган болсо, Судан өкмөтүнө каршы кошумча катуу чаралар көрүүгө даяр. Европанын бардык жетекчилери мени колдоп-кубатташат. Бул алты европа мамлекети (БУУдагы алты мамлекет) Коопсуздук Кеңеши токтомунун урматталышы керектигин бир добуштан ачык көрсөтүп жаткан алгачкы окуя».

8. Чындыгында, 2008-жылы, 14-июлда Европа Союзу Эл Аралык Сот аркылуу Умар ал-Баширге айыптоо коюуга жетишти. Башкы прокурор Морено Окампо Умар ал-Баширге он айыптоо койду. Алардын үчөөсү геноцид, бешөөсү адамзатка каршы кылмыштар, экөөсү болсо кыргын кылуу кылмыш айыптоолору. Судялар ал-Баширди камакка алуу жөнүндө токтом

чыгаруудан мурун далилдерди карап чыгууга бир нече ай кетишин божомолдошту.

Ошентип, европалыктар ал-Баширди куугунтуктоо туурасында токтом чыгартууга, арийне согуш кылмыштар менен айыпталып Эл Аралык Сот тарабынан кысымга алына баштаган Америка малайы ал-Баширди алсыздантуу аркылуу Американын Судандагы таасирине сокку берүүгө жетишти!

9. Америка мына ушул убакыт арасында Эл Аралык Сот токтомдорун, өзгөчө ал-Баширди олуттуу куугунтуктоого тиешелүү токтомдорун күчкө киргизбөөгө бир нече жолу урунду. Америка Европанын Дарфурдагы согуш кылмыштарына каршы жана Башир өкмөтүнө каршы коомчулук пикирин жаратууга жетишкенин, сот текшерүүлөрүнө карата эл аралык майданда урмат менен каралып жатканын этибарга алып, ушундай жол тутту. Ошондуктан, ал төмөнкү кадамдарды таштады:

а) Буш жетекчилиги 2008-жылы, 26-апрелде Вашингтон Гаага сотунун Дарфур регионудагы жырткыч амалияттарга тиешелүү нерселер жөнүндө өткөрүп жаткан текшерүүлөрүн урматташын билдирди.

б) Америка эгер Эл Аралык Сот Судандын дагы бир канча расмийлерин иш жүзүндө куугунтуктоону уланта турган болсо, Дарфурдагы тынчтык процессинин алга жылууларына коркунуч туудурушу жөнүндө жар салды. Американын Судандагы мурунку өкүлү Андро Натасис мындай дейт: «Эгер, Эл Аралык Сот гезиттерде жазылгандай Судандын дагы бир канча дипломаттарын куугунтуктоого болгон чечими жөнүндөгү коркутууларын ишке ашырса, анда биз мамлекетти башаламандык жана кыйроо абалына карай үндөгөн болобуз».

Америка Эл Аралык Сот ал-Баширди ачыктан-ачык айыптагандан кийин мындай билдирүүлөр берүүнү дагы да көбөйттү. Кошмо Штаттар ал-Баширди куугунтуктоо Дарфурдагы тынчтык процессинин жокко чыгышына катуу басым бере баштады.

в) Америка Соттун ал-Баширди камакка алуу жөнүндө ордер чыгарышын артка сүрүү үчүн өзүнүн Африка жана араб дүйнөсүндөгү малайларын ишке салды. Америка Суданды Харун жана Алини бирер африка сотунда же Судан сотунда соттоого үндөө үчүн Амр Мусаны жиберди. Америка мында Рим келишиминдеги 16-номерлүү беренеден пайдаланды. Ошол беренеде Эл Аралык Сот жергиликтүү соттор тарабынан карала турган иштерди кароо укугуна ээ эместиги көрсөтүлгөн. Бул кадамды Африка Союзу, Араб лигасы, Кошулбастык кыймылы, Исламий конференция уюму, Танзания, Кения жана Угbriefанданын баары колдоп-кубаттады.

10. Бул урунуулар Европа басымдарына өз таасирин көрсөттү. Ошондуктан, Европа өзүнүн малайларын Суданды колдоп-кубаттап жаткандарды сындоого тукурду. Ушул себептен улам, «Адилет жана теңдик кыймылынын» төрагасы мындай дейт: «Мен Араб лигасынын Судан өкмөтү менен Дарфур калкына каршы фитнага тил бириктиришинен кабатырдамын. Бул нерсе келечекте дагы бир кырсыкка алып келет». Ал Африка союзун сындап, мындай дейт: «Бул союз мыйзамынын төртүнчү беренсинде бул союз ага мүчө ар кандай мамлекет тарабынан адам укуктары тебелене турган ар кандай маселеде, анын ичинен согуш кылмыштары, геноцид жана адамзатка каршы кылмыштарда аралашуу укугуна ээлиги көрсөтүлгөн. Ушундай болгон соң, ко-ош, анда эмнеге бул союз мына ушул беренени колдонбой жатат? Кантип эле, бул союз Дарфурдагы абалды беш жылдык окуялардан кийин да кырсыктуу эмес, деп ойлоп жаткан болсо?».

11. Ошону менен бирге, Европа, өзгөчө Франция Американын Африка Союзун козгоп ишке салышы окуялар өнүгүүсүнө таасир кылышын түшүнүп жетти. Ошондуктан, Африка Союзу өкүлдөрү менен жолугушуулар өткөрдү. Бул жолугушууларда өзүнүн позициясынын «жумшашы» акысына бир катар «утуштарды» колго алмакчы экенин баян кылды. Андан кийин, Европа Америка менен компромисске келүүдөн башка аргасы жок, өзүнүн бул жолдо акырына чейин уланта бериши ал-Баширди куугунтуктоо жагынан да,

айыпталып жаткан Харун жана Алини Эл Аралык Сотко тапшырууну катуу талап кылуу жагынан да эч кандай пайда келтирбейт, деген жыйынтыкка келди. Бирок, муну европа расмийлеринин билдирүүлөрүндө келгендей, сүйлөшүүлөрдө өзү колго киргизе турган «утуштар» акысына кыла турган болду. Муну төмөнкүлөр көрсөтүп турат:

а) Жакында Франциянын БУУдагы өкүлү Жан Морис Роберт мындай деди: «Биз Африка Союзу өкүлдөрү менен кызуу жолугушуулар өткөрдүк. Биздин Судандан талабыбыз ушул, ал Дарфурда кыргынды жана аскерий операцияларды токтотушу керек, инсандар башынан өткөрүп жаткан кыйынчылыктарга чек коюу жана гуманитардык жардамдардын Дарфурга жеткирип берилишине шарт жаратуу үчүн о.э. бардык саясий партиялардын саясий сүйлөшүүлөргө кошулуу мүмкүнчүлүгүн берүү о.э. Чад менен алакаларын жакшылоо үчүн колунан келген нерсени кылышы керек».

б) 2008-жылы, 15-июлда француз өкүлү Жан Морис Роберт жана британ өкүлү Жон мындай дешет: «Судан жетекчилеринин Эл Аралык Сот менен бул соттун Судан мурунку ички иштер министри Ахмад Харун жана «Жанжавид» күчтөрү командачысы Алий Кушайбга койгон айыптоолору боюнча кызматташтык кылуу үчүн али да мүмкүнчүлүктөрү бар», т.а. ал-Башир эгер Ахмад жана Алини тапшырса камалуудан кутулуп калышы мүмкүн. Бул сунушту жан үрөп өткөрүү үчүн Британия Ливияны, Түштүк Африка жана Катарды бул ишке аралашууну буюрду.

в) 2008-жылы, 27-июлда Судан тышкы иштер министри Британия менен Франция Судандын Эл Аралык Сот менен кызматташтык кылышынан жана айыпталып жаткан эки расмийди ушул сотко тапшырышынан кандай максатты көздөп жатканын ачып таштады. Ал эки мамлекеттин «тынчтыкты сактоочу» күчтөрүн жайгаштыруу жана чыр-чатакты тезде саясий чечим аркылуу чечүүнү жүзөгө келтирүү туурасындагы талабына шилтеме кылды.

г) Франция, Британия жана Американын Ливия тарабынан токтом долбооруна киргизилген оңдоп-түзөтүүлөргө ыраазы болушу. Бул түзөтүү

киргизүүдө Эл Аралык Сот тарабынан Умар Хасан ал-Баширге карата коюла турган ар кандай айыптоону токтотуп турууга чакырылды.

д) Судан адилет министри Абдул Басит Сабдарат Намр Иброхим Махмуддун Дарфурда 2003-жылдан бери жүз берген адам укуктарын бузуулар боюнча иштерди карап чыгуу үчүн прокурор орунбасары болуп дайындалганын билдирип, мындай дейт: «Кушайиб сурак кылынат жана Судандын жергиликтүү сотунда сот кылынат». 2008-жылы, 1-сентябрда болсо башкы прокурор орунбасары Намр Иброхим Махмуд «Жанжавид» күчтөрү командачысы Али Кушайибди Дарфурдагы согуш кылмыштарын кылууда айыптап жаткан доолор боюнча өзү текшерүү алып барып жатканын баса белгилеп, мындай дейт: «Биз согуш кылмыштарын кылууда айыпталып жаткан Али Кушайибди суракка алууну улантабыз».

е) Франция Суданга карата жана ал-Башир өкмөтүнө карата о.э. Харун жана Али маселесине карата өз позициясынын бир канча жумшаганын билдирди. Ошондуктан, Харун жана Алини Эл Аралык Сотко тапшырылышын шарт кылып койбой турган болду, балким экөөсүн жергиликтүү сотто сот кылынышы менен жана экөөсүнүн өкмөт курамына министрлик мансаптарын ээлебестиги менен чектеле турган болду. Саркази жакында БУУнун Нью-Йорктогу резиденциясында журналисттер менен жолугушуп айыпталып жаткан эки расмийди тапшыруу жөнүндө мындай дейт: «Биз айыпталып жаткан адамдардын Судан өкмөтүндө министр болуп калууларын каалабайбыз». Ал бул сөзү менен Харунга шилтеме кылды. Мындан мурунураак Франциянын БУУдагы өкүлү Жан Морис Роберт мындай деген эле: «Мен бир нече жолу ушуну айткан элем, Судан жетекчилери кыла турган ар кандай иш Эл Аралык Сот менен расмий кызматташтык кылуулары алкагында болушу керек. Эгер, алар өз жарандарын өз мамлекеттеринде сот кылууну каалашса анда бул Рим келишими боюнча алардын укугу. Бирок, алар муну Эл Аралык Сот менен

келишип туруп кылуулары керек. Кызматташтык кылуу үчүн али да убакыт бар».

л) 2008-жылы, 15-октябрда Эл Аралык Соттогу судялар Умар ал-Баширди камакка алуу туурасында ордер чыгаруудан мурун кошумча убакыт берилишин талап кылышты.

**Экинчиден:** Эми, жогоруда айтылгандардан корутунду чыгарып суроого төмөндөгүчө жооп берүүгө болот:

Ал-Башир жана Дарфур маселесин Эл Аралык сотто карап чыгуу Америка менен Европанын өз ара орточо чечимге келишине карай кетүүдө. Бул орточо чечим Харун жана Алинин сот кылынышы аркылуу кризистен чыгуу жолун жүзөгө келтирүү, арийне ал-Баширди куугунтуктоону «жумшартуу», кийин бүтүндөй бекер кылуу мазмунун өз ичине алат. Бирок, мунун акысына Европа, айрыкча Британия менен Франция айрым нерселерди колго алышы керек. Муну өздөрү үчүн Дарфурда кадам коё турган жайларын жүзөгө келтирүү аркылуу ишке ашырышат. Буга өздөрүнө малай болгон козголоңчу кыймылдарды бийликте активдүү катышуу аркылуу о.э. Чад коопсуздугуна жетишүү мазмунундагы сүйлөшүүлөр аркылуу жетишишмекчи.

Көрсөткүчтөр бул маселенин компромисске карай багытталып жатканын көрсөтүп турат. Бул болсо саясий күчтөрдүн өз ара күрөшкө киришин, басымдарды ишке салууну жана компромисс чечимди талкуулоо шарттарын жакшылоо үчүн абалды «кайнак» абалга келтирүүнү т.а. кабыл алуу, четке кагуу жана кызуу тартышууларды талап кылат. Себеби, мындай чечимге жакынкы келечекте жетишүү оңой эмес. Кандай болбосун, Американын жаңы жетекчилиги 2009-жылы, январда Ак үйгө келишинен мурун бирер чечимге жетишүү күтүлбөйт. Жада калса, жаңы Америка жетекчилиги келгенден кийин да чечимге жетишүү үчүн кыйла убакыт керек болот. Региондо таасирге ээ көптөгөн күчтөрдүн бул маселеге аралашуусу үчүн кыйла убакыт керек болот.

**26-шаввал, 1429-х**

**25-октябр, 2008-м.**

## Жигиттер үчүн маалымат

## Дебинин Суданга сапар жасашы жана Башир менен түзгөн келишиминин -түпкү маңызы

2010-жылы 8-февралда Чад президенти Идрис Деби Суданга келип, Судан президенти Умар Башир менен жолугушту. Башир мейманын алкыштоо менен, Судан-Чад мамилелеринин кайра тикелениши эки мамлекет ортосундагы чегара коопсуздугунун туруктуулугуна оң таасир көрсөтүшүн баса белгиледи. О.э. Башир Судан регионунда тынчтык орнотууда бийлик менен Дарфурдагы куралдуу кыймылдар ортосунда Давха сүйлөшүүлөрү өткөрүлүшүн ынтызарлык менен күтүп турганын билдирди. (Шаркул Авсат, 2010-жыл, 9-февраль).

Чад-Судан мамилелери ар дайым кескин абалда болуп келгени анык. Бул мамилелер кайра тикеленип, кыска убакыт туруп, дагы бузулуп кескиндешет жана тараптар бири-бирин айыптоого өтөт. Эки тарап ортосунда бир канча келишимдер түзүлгөн, келишимдерде бири-биринин жерлеринен душмандык кылууда пайдаланбыстык о.э. бири-бирине каршы козголоңчуларды колдоп-кубаттабоо айтылган. Мисалы, 2007-жылы февралда Триполи келишими түзүлдү. Бирок, көп өтпөстөн эле, эки айдан кийин алакалар үзүлдү. Кийин бул алакалар 2007-жылы майдагы Мекке келишими түзүлгөндө кайра тикеленди. Алардын (Чад-Судан) ортосундагы бул алакалар 2006-жылы апрелде муздады. 2008-жылы февралда болсо, Чад Суданды козголоңчуларды колдоп-кубаттагандыкта айыптады. Ошол окуяда козголоңчулар Нжаменадагы Чад республикасынын сарайын курчоого алып, Идрис Дебини кулатууларына аз гана калган. Бирок, ошол жылдын март айында эки мамлекеттин президенттери Сенегалга чабуул кылбастык жөнүндөгү келишимге кол коюшуп, Сенегал президентинин демилгеси менен түзүлгөн бул союз «Дакар союзу» деп аталды. Бирок, Дарфурдагы

«Адилет жана Теңдик» козголоңчу кыймылы Хартум жанындагы Умдурман шаарына чабуул кылгандан кийин бул келишим да дал мурунку келишимдер сыяктуу эки ай өтпөстөн эле, 2008-жылы майда дагы бузулду. Бул окуяда Судан Чадды козголоңчуларды колдоп-кубаттагандыкта айыптады. Кийин жарым жылдан соң, 2008-жылы ноябрда алардын ортосунда алакалар кайра тикеленди. Бирок, бул алакалар дагы кескиндешип, бири-бирин айыптоолор токтобой келди.

Чындыгында, бул кескиндик алгачкы жолу олуттуу көрүнүштө 2003-жылы Дарфурдагы козголоңчулук кыймылы күч алганда башталган эле. Ошондо, козголоңчулар Чад мамлекетин өздөрүнө башбаанек, аракеттенүү чекити жана колдоп-кубаттоо булагы кылып алышты. Белгилүү болгондой, Чадга Франция үстөмдүк кылат. Франциянын ал жерде аскерий күчтөрү жана базалары бар, бул аскерий базалар Франциянын Африка борборундагы таасиринин таянычы болуп эсептелет. Чад президенти Идрис Деби да Франциянын малайы. Анткени, ал жерде Франция күчтөрү Дебини тактысынан кулатууга каратылган урунуулардан коргоп турат. Франция жана анын Чаддагы малайлары Дарфурдагы козголоңчу кыймылдарды, анын ичинен «Адилет жана Теңдик» кыймылын колдоп-кубаттап келет. Анткени, 2008-жылы май айында бул кыймыл Хартумга барып, Башир режимине басым өткөрүү үчүн куралдуу аракеттерди уюштурду. Шек-күмөнсүз, Франциянын максаты, Дарфурдагы козголоңчу кыймылдарды колдоп-кубаттоо аркылуу Американын Судандагы таасирине каршы Дарфурда өз таасирин жаратып алуу. Белгилүү болгондой, Америка Деби режимин кулатууга бир канча жолу урунду. Анын ичинен, 2008-жылы февралдагы козголоңчулар Дебинин сарайын бир нече күн курчап турганы да ошол урунуулардын бири.

Бүгүн болсо, Деби дагы кайра Суданга келип, Башир менен жолугушуп жатат жана ага келишүүгө даяр экенин билдирип, өзүн тынчтык көгүчкөнү кылып көрсөтүүдө! Деби бул жолугушууга келүүгө Чаддагы француз

тилинде сүйлөшкөн мамлекеттердин жыйынында чечим кылган эди. Ушул француз тилинде сүйлөшкөн 20 чакты мамлекеттердин президенттери, депутаттары жана сенаторлору алдында ал мындай деди: «Көрүп турасыңар, Башир бул жерге али да келген жок. Аны менен келишимге жетишүү жөнүндөгү кабар силерге гана маалым болуп турат. Баширге болсо, ушул жолугушуудан кийин жеткиремин». Ал дагы мындай деди: «Мен тил табышса боло турган ачык адаммын. Согуш эч качан проблемаларды чечип бербеген. Мен эмне деп жатканымды жакшы билемин. Чад коңшулары менен толук ынактыкта жашоону каалайт». (Ал-Жазира 2010-жыл, 8-февраль). Бул болсо, Дебинин Судан режими менен келишимге жетишүү үчүн ал жерге сапар тартышынын артында Франция турганын көрсөтүп турат. Анткени, бул чечим Франция башчылыгында өткөрүлгөн француз тилинде сүйлөшкөн мамлекеттердин жыйынында жарыя кылынып, Деби айткандай, бул чечимди Суданга барышынан мурун жарыя кылды! Мындан мурун, 2009-жылы 24-декабрда Чад делегациясы Суданга келип, Башир менен жолугушкан эле. Эки режимдер ортосунда сүйлөшүүлөр уланып, өткөн айдын жырымында өз ара алакаларды бекемдөө келишимине кол коюлду. Бул кол коюлган документ «Чегара коопсуздугун камсыздоо үчүн өз ара шериктештик меморандумуна» тиркеме болду. Меморандумда көрсөтүлүшүнчө, үч миң ортоктош күчтөр түзүлүп, бул күчтөр эки тарап ортосунда тең бөлүндү о.э. эки мамлекетте куралданган топтордун турушу, же аларды колдоп-кубаттоо, же болбосо аракеттендирүүгө чек коюу үчүн керектүү иш-чаралар кабыл алуулары үчүн аларга эки ай убакыт берилди.

Эки мамлекет ортосундагы алакаларды жакшылоо демилгеси Чад режими тарабынан, т.а. Франция тарабынан уюштурулганы көрүнүп турат. Франция мындай алакаларды жакшылоого бир максат үчүн гана киришип жатат, ал да болсо, өзүнүн Судандагы саясатына байланыштуу максат. Ал мурун Европанын Эл Аралык Кылмыш Соту аркылуу Баширди сотко Жоопуна тартууга урунган болчу. Бирок, ал мунун өтөөсүнөн чыга албай,

Башир жана анын режимин кулата албаган. Ошондуктан, эми Франция башка жолдон бармакчы, ал да болсо, өзүнө көз каранды болгон Деби режимин Судан режимине жакындатуу жолу. Максат, Судан режимин Дарфурга байланыштуу тынчтык сүйлөшүүлөрү деп аталып жаткан маселеге кызыктыруу. Анткени, азыр Франция малайлары Давхада Судан бийлиги менен бул маселе үстүндө сүйлөшүү алып барышууда. Чынында эле, Судан тышкы иштер министри Денк Алар Куал: «Чад президентинин бул сапары Давха сүйлөшүүсүнө оң таасир көрсөтөт», - деп айтты. (Монте-Карло, 2010-жыл, 9 февраль). Судан президенти да өз мейманын алкыштоо менен, Давхадагы сүйлөшүүлөргө шилтеме кылып, бул визит бул маселеге түздөн-түз байланыштуу экенин баса белгиледи. Идрис Деби да Башир менен жолугушуп, аны менен сүйлөшүүлөр алып баргандан кийин мындай деди: «Мен Дарфур проблемасы Катар амиринин жетекчилиги астындагы сүйлөшүүлөр аркылуу чечилет деген үмүттөмүн». (Шаркул Авсат, 2010-жыл, 10-февраль). Франциянын Давхада сүйлөшүү алып барып жаткан «Адилет жана Теңдик» кыймылындагы малайлары Судандагы башкарууда жогору деңгээлде катышууну талап кылышууда. О.э. алар бийлик күчтөрүн азайтып, Дарфур районунан милиция кызматкерлерин алып чыгып кетүүнү, 1956-жылы Дарфур чегараларын Судан эгемендүүлүккө алган күндөгү абалга кайтарууну о.э. толук келишимге кол коюлганга чейин аскерий кыймыл күчтөрүн өтүү доору үчүн сактап туруп, өтүү доорунан кийин аларды Судан бийлигинин туруктуу күчтөрүнүн сабына жайгаштырууну талап кылышууда. Давхада сүйлөшүү алып барып жаткан «Адилет жана Теңдик» кыймылынын койгон эң маанилүү талаптары мына ушулар. Алардын мындан тышкары Дарфур менен Судан бийлиги ортосунда байлыктарды бөлүштүрүү, камакка алынган козголоңчуларды азат кылуу жана жардам берүүчүлөр деп аталып жаткан отряддарды Дарфурга кайтаруу сыяктуу аз мааниге ээ талаптары да бар. Демек, Франциянын максаты Чаддын Судан менен өз ара келишими жана жакындашуусу аркылуу Дарфурга өзүнүн, т.а. Европанын таасирин

киргизип алуу үчүн ал жерде өзүнүн расмий фронтуна ээ болу. Кийин болсо, Америка өз малайлары аркылуу Судан түштүгүн көзөмөл кылып жатканы сыяктуу, ал да өзүнүн Дарфур районундагы көзөмөлүн күчөтүп алышы керек. О.э. Башир режими Давхада сүйлөшүү алып барып жаткан Франция малайлары менен болгон сүйлөшүүлөрдө жумшак мамиледе болушунун акысына Франция да Баширге каршы Эл Аралык Кылмыш Сотунун позициясын жумшартып, жеңилдетиши божомолдон алыс эмес. Франция жогоруда айтылып өткөн «Адилет жана Теңдик» кыймылынын жардамында койгон шарттарына караганда өзүнүн малайлары менен Судан режими ортосундагы келишимге келерки жылдан мурунураак жетишип алууга шашылып жатканы да көрүнүп калды. Себеби, келерки жыл Судандын түштүгүнүн тагдыры чечилет, ошондо Америка түштүк маселесинен бошоп, Дарфур маселеси менен алектенүүгө убакыт бөлүшү жана ушул маселеге толук көңүл бурушу мүмкүн болот. Эгер, Франция айтылган шарттарга ылайык бул иште ийгиликке жетсе, Суданда чоң жеңишти колго алган жана ал жерде бардык тан ала турган өзүнүн башталгыч чекитин куруп алган болот. Ошол эле учурда, Судандагы малайларынын коопсуздугун да камсыздап алат жана Чадды тынымсыз Американын коркунучуна учурап жаткан таасиринен да коргоп алат. Франциянын «АФП» маалымат агенттиги Деби жана Башырдин 2010-жылы 8-февралдагы жолугушуусун да, мындан мурунку бузулган жолугушууларын да кабар кылып, өз ысымын жашырууну суранган бир франциялык дипломаттын төмөнкү сөздөрүн келтирет: «Маселе бул жолу олуттуу түс алды. Себеби, Чадда үстүбүздөгү жылдын ноябрында парламенттик, 2011-жылы апрелде болсо, президенттик шайлоого камылга көрүлүүдө. Суданда болсо, 2011-жылы январда Судандын түштүгүнө байланыштуу референдум өткөрүлүшү күтүлүүдө». Бул франциялык дипломат Франциянын Чад жана Судан, өзгөчө, Дарфурга байланыштуу пландарын ишке ашыруу максатында бул жолу Башир менен өз ара

келишимге жетишүүгө шашылып жатканын жана буга олуттуу карап жатканын айтмакчы.

Чад жана Судан алакаларынын тарыхы бир катар келишимдердин түзүлүшү жана бузулушу, президенттеринин жолугушуулары, кийин дагы карама-каршылыктарына толгон соң о.э. буга эки мамлекеттин саясаты чоң мамлекеттерге байланып калгандыгы себеп болгон соң, демек, алардын кезектеги ушул жолугушуулары жана бул жолугушуулардагы өз ара келишимдери, меморандумдардын тагдыры да мурункуларынын тагдырынан анчалык айырмаланбайт. Себеби, Америка Франциянын Чад аркылуу Дарфурга өз таасирин жайып, Судан менен алакаларды бекемдеп алышын каалабайт. О.э. Американын Судандагы малайларына эч кандай коркунуч туулган жок. Европанын Эл Аралык Кылмыш Соту да Баширди иштен алган да жок, чоң зыян жеткирген да жок. Түштүк маселеси да чечилүү алдында турат. Арийне, Америка өзү Дарфур маселесин колунда кармап турууга аракет кылып жатат. Мына ушулар себептүү Франция Судандын түштүгүнө байланыштуу референдум өткөрүлүшүнөн, кийин Америка түштүк маселесинен бошоп, Дарфур маселеси менен алектенүүгө убакыт бөлүшүнөн мурун Давха сүйлөшүүлөрү аркылуу өз кызыкчылыгы үчүн бирер чечимге жетишүүгө болгон күчүн жумшап жатат.

**26-сафар, 1431-х.**

**10-февраль, 2010-м.**

### Дарфурдагы тынчтык жөнүндөгү Доха документи тууралуу

**Суроо:** *«Адилет жана Теңдик» кыймылы Дарфур жөнүндөгү 2011-жылы 14-июлда кол коюлган келишимге кол коюудан баш тартты. Бул келишим Катардын Доха шаарында Судан режими менен «Азаттык жана Адилет» кыймылы деген козголоңчу кыймылдардын биринин жетекчиси ортосунда түзүлгөн. Бул келишимге «Дарфурдагы тынчтык жөнүндөгү Доха документи» деп наам берилди.*

*Бул нерсе жогорудагы келишим да Абужада ушул кыймылдар менен түзүлгөн мурунку келишимдер жана башка келишимдер сыяктуу деген маанини билдиреби? Т.а. мурунку келишимдер бир кыймыл менен эле түзүлүп, башка кыймылдар ошол келишимдерге кошулбай калган, акыбетте, бул келишимдер өз күчүн жоготуп, а түгүл, жок болуп кеткен. Андыктан, бул келишим (Дарфурдагы тынчтык жөнүндөгү Доха документи) да мурунку келишимдер сыяктуу элеби же алардан айымаланабы?*

**Жооп:** Бул келишим иликтенип көрүлгөндөн кийин, ал мурунку келишимдерден айырмаланышынын божомолу күчтүүрөөк:

1 – Мурунку келишимдердин артында Европа (Франция менен Британия) турган. Европанын максаты Американын Түштүк Судан маселесинде жеке өзү кожоюн болуп алганына каршы жооп катары Дарфурда бекем орношуп алуу болгон. Себеби, Америка Европаны Түштүк Суданга тиешелүү чечимдер долбоорунан четтетүүгө жетишти. Бул чечимдер Түштүк Судандын 2011-жылы 9-июлда бөлүнүп чыгышы менен аяктады. Ошондуктан, Европа Американын Түштүк менен алек болуп турганынан пайдаланып, жаңы келишимдер түзүүгө өттү...

Ошентип, 2006-жылда «Судан азаттык» кыймылы менен Абужа келишими кол коюлду, 2009-жылда болсо, «Адилет жана Теңдик» кыймылы менен алкактуу келишим кол коюлду... Бирок, Америка Судан режими менен келишип, бул келишимдердин күчкө киришин бекер кылды. Себеби, Америка Түштүк Суданды бөлүп таштоо маселеси толук акырына чыкканга чейин Дарфур маселеси бир жаңсыл болуп чечилбей турушун каалады. Анткени, Дарфурдагы негизги уюмдар (бул уюмдар негизинен Францияга көз каранды, аларды Британия колдоп-кубаттайт) Европага көз каранды болгону үчүн Дарфур маселесине Европа жалгыз өзү кожоюн болуп алмак.

Белгилүү болгондой, «Адилет жана Теңдик» кыймылы – негизги уюм, ал Франциянын куурчагы. Франция аны материалдык жактан колдоп-кубаттайт. Британия болсо, аны массалык маалымат жагынан колдоп-кубаттайт.

Ошондуктан да, Франция Судандагы режим менен келишим түзүүгө жан үрөп аракет кылды. Бул келишим жаатындагы сүйлөшүүлөрдө мына ушул кыймыл негизги фигура боло турган болду. Франция бул келишимдин алдындагы көптөгөн кыйынчылыктарга чек койду. Мисалы, Чадды Судан менен жакындашуусуна мажбур кылды жана кыймылдын айрым позицияларын жумшартты. Британия да бул келишим Катарда түзүлүшү үчүн аракет кылды. Белгилүү болгондой, Катар – Британиянын малайы. Мындан улам, Катар бул келишимге жетишүү үчүн Судан жана ушул кыймылга финансылык жардамдарды берип кызыктыруу ыкмасын ишке салды. Ошентип, 2009-жылы 17-февралда Судан режими менен «Адилет жана Теңдик» кыймылынын ортосунда «жакшы ниет жана ишеничке негиз салуу келишими» деген же «алкактуу келишим» деген келишим түзүлдү.

Америка бул келишимге каршылык кылбастан, ал жөнүндө жумшак маанайда сүйлөдү. Себеби, Американын БУУдагы өкүлү ушул келишимге кол коюлгандан кийин: «Бул келишим тынчтыкка карай ташталган иш жүзүндөгү кадам болушу мүмкүн», - деди. (аш-Шаркул Авсат, 2009-жыл, 18-февраль). Ошондой болсо да, бирок Америка Судан режими менен өз ара келишип, бул келишимдин күчкө киришин бекер кылды, аны маанисиз нерсеге айландырды. Натыйжада, бул келишим да Судан режими менен «Судан азаттык кыймылынын» каршы канаты ортосунда Абужада 2006-жылы майда түзүлгөн мурунку келишим сыяктуу бир куру кагаз болуп калды. Себеби, Америка Европанын таасирин өткөрө турган жана Дарфурда Европагы көз каранды уюмдардын таасирин өткөрө турган ар кандай келишимге каршы чыгышы айкын. Америка Түштүк Суданды бөлүп таштап, Францияга көз каранды болгон, Британия тарабынан колдоп-кубатталган уюмдар алкагынан тышта өзүнө малай болгон уюмдарды түзгөнгөн чейин эч кандай келишимге ыраазы эмес эле.

2 – 2011-жылы 9-июлда Түштүктүн бөлүнүп чыкканы расмий түрдө жарыя кылынды. Түштүк Судан өзүнчө бир мамлекет болуп калды. Мунун

натыйжасында Түштүк менен Түндүктүн ортосундагы ар кандай проблема эки мамлекеттин ортосундагы проблема катары карала турган болду, Коопсуздук Кеңеши жана Башкы Ассамблея сыяктуу өзүнүн эл аралык рычагдарына ээ болгон, айрыкча, Кошмо Штаттар сыяктуу күчтүү таасир көрсөтүүчү эл аралык рычагга ээ проблема катары карала турган болду т.а. режим менен козголоңчу кыймылдын ортосундагы проблема деген нерсе жокко чыкты. Арийне, Америка «Азаттык жана Адилет кыймылы» деген жаңы уюм менен сүйлөшүүлөрдү баштап, Дарфур маселесин чечүү үчүн убакыт бөлүүгө мүмкүнчүлүк тапты. «Азаттык жана Адилет кыймылы» бул сүйлөшүүлөр башталардан бир нече ай мурун түзүлгөн. Ошондуктан бул келишим 2011-жылы 14-июлда түзүлгөн.

Биринчи кадам ушул болду, Америка Дарфурдагы негизги козголоңчу кыймылдардан жана аларга кошулган кишилерден бөлүнүп чыккан кишилердин бир жаңы тобун түзүп, ага «Азаттык жана Адилет кыймылы» деп наам берди. Бул кыймылга Тижани Сиси башчы болду. Тижани Сиси Судан режими менен жашыруун алакалар орноткону маалым. Жада калса, 2010-жылы октябрда ушул кыймылдын курамындагы бир топ Тижани Сисини кыймыл башчылыгынан четтетилишин жарыя кылды. Себеби, алар Тижани Сиси Хартумга жашыруун түрдө тынымсыз сапар жасап жатканын, Башир режими менен жана башкалар менен өзгөчө алакалар орнотконун сезип калышкан болчу. Ошого карабастан, Сиси Америка жана Судан режими тарабынан колдоп-кубатталып, ушул кыймылга жетекчи боюнча кала берди.

3 – Америка Дарфур маселесинде да Түштүк Судан жаатында таштаган кадамдардын таштоодо т.а. Америка Дарфурду да бөлүп таштоого аста-секин жетишүүгө аракет кылууда. Бул нерсе ушул келишимдин мазмунунан, Америка жетекчилигиндеги жооптуулардын ушул келишим жөнүндөгү сөздөрүнөн о.э. Тижани Сисинин сөздөрүнөн анык көрүнүп турат.

– Келишим жөнүндө айта турган болсок, келишимде чоӊ укуктар көрсөтүлгөн. Себеби, бул келишимдин экинчи бөлүмүндө Дарфур регионалдык бийлиги түзүлүшү айтылган. Бул регионалдык бийликтин 22 мүчөдан турган кеӊеши болот. Бул кеӊеш бийлик жана укуктарга ээ болот. Алардын кеӊири укуктары болушу айтылган. Бул кеӊештин вазыйпасы Хартумдагы бийлик менен кызматташтыкта келишимдеги нерселерди ишке ашыруу. Судан президентинин Дарфурдан бир орунбасар дайындашы да көрсөтүлгөн. Ал Дарфурда эле эмес, бүткүл калган Судан боюнча президенттин орунбасары (вице-президент) катары иш алып барат. Ал президенттин Түштүк Судандан дайындалган орунбасары сепаратчы Салва Киир жана андан мурунку Жон Карнакка окшогон, бирок, бүткүл Судан боюнча вице-президент болот. Келишимде регионалдык бийликтин мыйзам чыгаруучу кеӊеши болушу да көрсөтүлгөн. Ал алтымыш жети мүчөдөн турат. Африка Союзу жана БУУдан келген күзөтүүчүлөрдүн катышуусундагы атайын сот түзүлүшү да көрсөтүлгөн. Келишимде Дарфурду Дарфур регионалдык бийлигинин астындагы бир регионго же бир бийлик астындагы бир нече региондорго айландыруу жөнүндө референдум өткөрүү да орун алган. Келишимди ишке ашыруу механизми да иштелип чыкты. Ал: Кошмо Штаттар, Британия, Франция, Россия, Кытай, Япония, Канада, Араб Лигасы, Африка Союзу, БУУ, Катар, Судан бийлиги, Дарфурдагы кыймылдар жана Чад. Келишим 100 беттен туруп, адам укуктары жана жалпы эркиндиктерден тартып, бийликти өз ара бөлүштүрүү, финансылык федералдык система, байлыкты өз ара бөлүштүрүү, куралдуу күчтөр жана полицияга тиешелүү нерселер, бажылык, чегараларды көзөмөлдөө, Дарфурда сот аппаратын жана башка мамлекеттик аппараттарды түзүүнү камтыган көптөгөн пунктуларды өз ичине алат. О.э. эмигранттар жана качкындарды кайтаруу маселесин, компенсацияларды, жерлерди жана табигый ресурстарды, нефть секторун башкарууга тиешелүү нерселерди, Дарфур өзгөчө сотун түзүүнү да өзүнө камтыйт. Бул сотко 2003-жылдан бери

Дарфурдагы мыйзам бузууларга, адам укуктарын оройлук менен басмырлоолорго жана эл аралык мыйзам бузууларга каршы сот ишин козгоо укугу берилет.

– Америка жетекчилигинин жооптуулары айткан сөздөргө келсек, Америка мамлекеттик департаментинин расмий өкүлү Марк Тонер мындай деди: «Бул келишим – Дарфурдагы проблеманы туруктуу чечүүгө карай алдыга ташталган бир кадам». Ал дагы мындай деди: «Сүйлөшүүлөрдө катышуудан баш тартып жаткан башка куралдуу топторго – алар да тынчтык процессине толук моюн сунуулары үчүн – басым өткөрмөкчүбүз». Ал Хартумду «Дарфурда толук тынчтыкка жетишүү үчүн сүйлөшүүлөрдү улантуу ниетинде экенин ачык билдирүүгө» чакырды. (Ал-Жазира, 2011-жыл, 15-июль).

Демек, Америка бул келишимди акыркы чекит деп эсептебейт, тескерисинче, Дарфурдагы проблеманы туруктуу чечүүгө карай алдыга ташталган бир кадам деп эсептейт. Мындан, Америка ушул кадамдан кийин туруктуу чечимге жетишмейинче Судандагы режимди байма-бай жан берүүлөргө мажбур кылган башка кадамдарды да ташташын айтууда деген маани чыгат. Маани-маңызын Америка толук ачык жарыя кылбаган нерсе мына ушул. Булардын баары бир кадам болсо, демек, башка кадамдар Дарфур регионунун кеңири укуктарга ээ автономдуу башкарууга ээ болушунан көбүрөөк нерсени түшүндүрөт... Мындан, Дарфур да Судандан бөлүп ташталат деген маани гана чыгат. Муну Найваша келишимине окшогон дагы бир келишимди түзүп, Дарфур калкына да өз тагдырын өзү белгилөө укугу деген нерсени берип, бул боюнча референдум өткөрүп ишке ашырылат. Мына ошондон кийин Дарфур да Түштүк Судан сыяктуу Судандан бөлүп ташталат. Америка мамлекеттик департаментинин өкүлүнүн сөздөрү ушуларды түшүндүрүп турат. Анткени, ал Хартумдагы режимден – анын сөзү менен айтканда Дарфурда толук тынчтыкка жетишүү үчүн – сүйлөшүүлөрдү улантуу ниетинде экени ачык-айкын билдирүүнү талап

кылууда. Т.а. Хартумдагы режимден дагы башка жан берүүлөргө да даяр турууну талап кылууда. Мына ошондо Америка өзү каалаган «толук тынчтыкка» жетишет. Америка Хартумдагы режимден сүйлөшүүлөрдү улантуу ниетинде экенин жарыя кылышын талап кылууда, башкача айтканда Америка Доха келишими жетиштүү эмес, толук тынчтык деген нерсеге жетишүү үчүн сүйлөшүүлөрдү улантуу керек демекчи!

О.э. Америка «Азаттык жана Адилет» кыймылынын көлөмүн чоңойтууга жана анын башчысын күчөтүүгө да аракет кылууда. Мына ошондо бул кыймыл да Түштүк Судандагы Америка малайына айланган жана анын буйруктары менен аракет кылган элдик кыймылга окшогон кыймыл болуп калат. Дарфурдагы регионалдык бийликтин башчысы жана Судан президентинин орунбасары да «Азаттык жана Адилет» кыймылынан дайындалышы божомолдон алыс эмес. Эң маанилүү кызмат-мансаптар да ушул кыймылга берилиши мүмкүн. Себеби, мына ошондо Америка Дарфур маселесин өз колунда кармап калат жана ал жердеги иштер тизгинин өз колуна алат.

– Эми, Сисинин айткан сөздөрүнө келсек, «Азаттык жана Адилет» кыймылынын башчысы Тижани Сиси бул келишимге кол коюлушун «бул региондо тынчтык жана туруктуулук орнотулушу максат кылынган чоң утуш» деп атады. Анын «Бул тарыхий учур мамлекеттин Түштүгү бөлүнүп, көз карандысыз мамлекет деп жарыя кылынышына туура келүүдө. Бул эки окуянын Судандагы проблемалар чечилип жаткан жараянга байланыштуу экендигинде эч кандай күмөн жок» деген сөздөрү этибарды өзүнө тартат. (Бүгүнкү Африка, 2011\7\15). Тижани Сиси Дарфурга тиешелүү келишимге кол коюлушу жана Түштүк Судандын бөлүнүп чыгып, өз мамлекетинин жарыя кылышынын ортосунда байланыш бар экенин ачык көрсөтүп берүүдө жана Судандагы проблемалардын чечилиши жараянына ишарат кылууда. Бул жараян – Судандын калган региондорун да бөлүп таштоо жана Судан режиминин муну кабыл алышы. Т.а. Судан режими иштерди Түштүк

проблемасын кандай чечкен болсо ошондой чечет дегени. Муну Судандан бөлүнүп чыгууну каалаган башка региондорго да бөлүнүп чыгуу укугун берүү менен ишке ашырат. Мында бир нече келишимдер түзүлөт, акыры Найваша келишимине окшогон келишимге жетип келишет. О.э. Сиси «Азаттык жана Адилет» кыймылы акыр-акыбет Түштүк Судандан жаман үлгү алып, бул региондун да бөлүнүп чыгышын жана өз мамлекетин жарыя кылышын максат кылып жатканына да ишарат кылууда. Тижани Сиси Судандагы проблемаларды Умар Башир башчы болгон Судан режими кандай чечип жатканын түшүнүп жаткан болсо, көптөгөн саясатчылар да муну түшүнүүдө. Бул жараян байма-бай жан берүү жана бөлүнүп чыгууну каалаган региондорго өз тагдырын өзү белгилөө укугун берүү, мына ошондон кийин референдум өткөрүүдөн турат. Ошондон соң, бөлүнүп чыгуу токтому жарыя кылынат да, Судандын калган бөлүгүндө жаңы мамлекетчелер туулгандыгы жарыя кылынат.

Демек, Америка Түштүк Судандын тизгиндерин бир өзү кармап калууга жетишкендей Дарфур тизгиндерин да бир өзү кармап калууга, Франция менен Британияны ал жерден четтетип, аларды жана алардын малайларын Чад жана Катарда кол коюу ырасымдарында катыша турган жана бул кол коюуларга күбө боло тургандай кылып калтырууга жетишти. Америка Франция менен Британияны, алардын малайларын качкындарга зарыл каражаттарды жана компенсацияларды төлөөгө шерик кылууга да жетишти. Өзгөчө, Британия кызыкчылыктарына кызмат кылуу үчүн белгилүү бир ролду ойноп жаткан Катарды ушуга шерик кылды. Америка аларга күзөтүү механизми комиссиясынын курамына киргизүүдөн чоң роль бербейт. Бул комиссия Америка эмнени кааласа, ошону аткарат. Т.а. алар эл аралык күзөтүүчүлөр катары Америка токтомдорун аткарышат. Мисалы, Дарфурга тиешелүү ушул акыркы документке кол коюуда дал ушундай болду. Демек, Америка Умар Башир режимине басым өткөрүүнүн бардык «карталарына» ээ болуп алды жана Дарфурдагы оюн тизгиндерин өз колунда кармап турат.

Америка сүйлөшүүлөрдө катышуудан баш тартып жаткан башка топторго басым өткөрөрүн да жарыя кылды. Бул болсо, Американын ушул кыймылдарга карата айтып жаткан корткутуусу. Т.а. бул, Америка башка козголоңчу кыймылдар маселесин – аларды өзүнө моюн сундурмайынча – түрдүү жолдор менен чечүүгө аракет кылат дегени. Америка муну коркутуу менен, же кызыктыруу менен, же бул кыймылдарды назарга албастан бир четке сүрүп коюп алардын ролуна чек коюу менен, же аларды дээрлик жок болуп кете турган даражада бөлүп таштоо менен ишке ашырышы мүмкүн. Ушуну да айтып өтүү керек, «Дарфурдагы тынчтык жөнүндөгү Доха документи» деп аталып жаткан ушул келишимге Америка өзүнүн болгон оордугун таштагандан кийин гана (т.а. өзүнүн болгон салмагын, таасирин ишке салгандан кийин гана) кол коюлду. Мисалы, Америка президенти акыркы айларда өзүнүн Судан боюнча атайын өкүлү Принцетон Лиманды жиберди. Аны менен кошо президенттин Дарфур боюнча чоң кеңешчиси Дейн Смит да барды. Алар келишим кол коюлганга чейин Доха сүйлөшүүлөрүндө катышуу үчүн келишти. Ошол күнү Америка мамлекеттик департаменти билдирүү чыгарып, Америка жетекчилигинин бул кадамын т.а. өз өкүлдөрүн Дохага жибергендигин «Судан бийлигин жана Дарфурдагы куралдуу кыймылдарды калган апталарда саясий чечимге жетишүү, ок атууну тезинен токтотуу жана Дарфур жерлеринде коопсуздук жана гуманитардык шарттарды жакшылоо максатында тезинен кадамдарды таштоо үчүн Доха сүйлөшүүлөрүндө пайдаланып калууга чакыруу үчүн болгон иш» деп бааланат (Куна, 2011-жыл, 30-апрель). Бул болсо, ушул келишимдин артында Америка турганына далил. Ал келишимди Судан режиминдеги жана Дарфурдагы малайлары аркылуу түздү. Бул, Америка тарабынан Дарфур маселесинде иштер тизгинин өз колунда кармап калуу жана Франция менен Британия таасирин ал жерден четтетүү үчүн ташталган бир кадам болду.

4 – Европа (Франция менен Британия) Американын бул келишимде ийгиликке жетишкенин жана бул келишимдин артында туруп өзүнүн бүткүл салмагын ишке салганын түшүндү. Ошондуктан, өзүнө малай болгон козголоңчу кыймылдардын, айрыкча, «Адилет жана Теңдик» кыймылынын каршылыкты билдирген сөзүн жумшартууга уруна баштады. Мисалы, ушул кыймылдын расмий сүйлөөчүсү Жибрил Адам мындай деди: «Албетте, бул келишим тынчтык процессине негиз болууга жана маселелер боюнча талкуу кылууга жарайт, бирок, ал кол коюла турган соңку келишим эмес». Ал дагы мындай деди: «Коопсуздук Кеңеши бул документтин тынчтыкка негиз болушун айтып жатат, бирок тараптарды тынчтыкка мүмкүн болушунча тезирээк жетишүү зарылдыгына чакырып, ага азыр кол койсо болобу же жокпу, бул жөнүндө унчукпай жатат» (Бүгүнкү Африка сайты, 2011-жыл, 14-июль). Ошондуктан, бул кыймылдын документти кийинчерээк кол коюушу же Хартумдагы Башир режиминин дагы да көбүрөөк жан берүүлөрү акыбетинде жүзөгө келүүчү келишимдерге кол коюуда катышуусу ыктымалы бар. Себеби, кол койбогон башка кыймылдарга 3 ай мөөнөт берилген. Айрыкча, эгер бул кыймылга Дарфурдагы жаңы саясий жетекчиликте ал ыраазы боло турган кызмат күрсүлөрү бериле турган болсо, келишимге кол коюшунун ыктымалы бар. Себеби, бул кыймыл вазыйпа-кызматтар башка козголоңчу кыймылдардан өзүнчө түзүлгөн жана Тижани Сиси баш болгон «Азаттык жана Адилет» кыймылына тийишин, өзү болсо жан талашып умтулуп жаткан жана башка козголоңчу кыймылдар менен ким озорго талашып жаткан мансаптардын көбүнөн куру жалак калышын сезип жатканы көрүнүп турат. Ошондуктан, бул кыймылдын расмий сүйлөөчүсү Жибрил Адам Доха документи жөнүндө мындай деди: «Бул документ вазыйпалар берүү документи, ал дипломатиялык вазыйпаларды аны кол коё турган кишилерге берет, Дарфурдаги чыныгы проблемаларды болсо, чече албайт». (Франс Пресс, 2011-жыл, 14-июль).

Демек, Франция, эгер өзүнүн малайлары келишимге кол коюшпаса, Дарфурда өзү уттуруп коёт деп биле турган болсо, бул малайларына, айрыкча, «Адилет жана Теңдик» кыймылына бул келишимге кол коюуну буюрушу мүмкүн. Муну албетте Дарфур регионалдык бийлигинде ушул кыймылга ыраазы боло турган вазыйпа-мансаптар берилиши тууралсындагы убаданы алгандан кийин же түзөтүүлөр киргизиле турган башка келишимге жетишкенден кийин кылат. Анткени, мына ошондо Франция өзү баштаган жана Америка пайдасына уттура баштаган Дарфур маселесинде бардык нерсени колдон чыгарбай калат. Белгилүү болгондой, ушул кыймылдын делегациясы Дохада болду, бирок сүйлөшүүлөрдө расмий түрдө катышкан жок. Колонизатор мамлекеттердин өз малайларынын позицияларын толук өзгөртүүгө мажбурлашы же эгер кызыкчылык бар деп билсе аларды ыргытып жибериши да ыктымалдан алыс эмес. Ошондуктан, бул мамлекеттер Дарфур маселесинде Американын «тараза ташы» «Азаттык жана Адилет» кыймылы менен болгон сүйлөшүүлөр аркылуу оор келгенин көрүшкөн соң – белгилүү болгондой, бул кыймылды Америка өткөн жылдын жарымында түзүп, Баширди 2010-жылы мартта ушул кыймыл менен биринчи келишимге кол коюуга мажбур кылды – жана Дарфур сүйлөшүүлөрүндө өздөрү да роль ойноону каалаганы үчүн Халил Иброхимди «Адилет жана Теңдик» кыймылы башчысы катары көрүүнү каалабаган Баширге жакындашууну о.э. Чадга «Адилет жана Теңдик» кыймылынын башчысы Халил Иброхимди «кууп», Ливияга, Британия малайы Каззафий (Каддафи) алдына жиберүүнү буюрушту. Негизи, Халил Иброхим өз өмүрүн Франция жана Чад кызматына багыштаган. Азыр Халил Иброхим Триполиде, Каззафий режиминин алдында «мейман» болуп камалып олтурат. Ал кыйын абалга түшүп калып, эмне кыларын билбей жатат. Ошондуктан, айтып өткөнүбүздөй, Франциянын, арийне, «Адилет жана Теңдик» кыймылынын – өзүнө белгилүү бир мансаптар берилгенден кийин жана келишимге, жүзеки болсо да,

кошумчаларды киргизип бул кыймылды ыраазы кылынгандан кийин – келишимге кол коюуга ыраазы болушу божомолдон алыс эмес.

Ошону менен бирге, Европа (Франция менен Британия) Америка Түштүк Суданда жеке кожоюн болуп алгандай Дарфурда да жеке кожоюн болуп алышына оңойлук менен багынып бербейт. Анткени, Европа бул келишимге болгон мамилесин жумшарткан болсо да, жада калса, «Адилет жана Теңдик» кыймылына аны кол коюуну буюрган болсо да, бул нерсе «саясий позициялардын дем алып турушун» гана түшүндүрөт. Европа бир ыңгайлуу учур таап, бул келишимди бузуп таштап, аны туруксуз абалга келтиргенге чейин «дем алып туруу» гана. Мына ошондо Европа оболу өзү пайда кылгандай Дарфур тизгиндерин – бардык тизгиндерди болбосо да – дагы бир жолу өз колуна алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот...

5 – Акырында ушуну айтмакчыбыз, бул – өкүнүчтүү жана ызааланткан иш. Тигил акимдер Аллахтан, Расулунан жана момундардан уялбастан, өлкөлөрүбүздү бөлүпташташууда. Судандагы режим баарынын көз алдында Түштүк Судандан баш тартты жана расмий түрдө жарыя кылынышынан бир кун мурун, а түгүл, Америка тан алышынан да мурун Түштүктүн бөлүнүп чыкканын тан алды. Муну менен Түштүктү бөлүп таштоо кылмышын биринчи болуп тан алган, ага биринчи болуп ыраазылык берген, бүткүл Судандын жана Судан калкынын өкүлү болуп алган режим башчысы катары бул кылмышты куттуктаган болот. Түштүктүн бөлүнүп чыгышына жергиликтүү, регионалдык жана эл аралык мыйзамдуу түс берүү үчүн ушундай кылынды... Кала берсе, Башир жеке өзү таптакыр уялбастан, күнөөнү сезбей, өкүнбөстөн ал жерге барып бөлүп таштоо кылмышын майрамдоо ырасымында катышты. Ал муну менен бүткүл өлкөнүн башына дал ушул багытта дагы да көбүрөөк ыдыроо тагдыры салынышына жол ачып берди жана буга кызыктырды.

Мына азыр Дарфур да акыбетте эмнеге жетип келгенин, Түштүк Судандагы жараян боюнча таштала турган кадамдардын киришүүсү катары кеңири автономдуу башкарууга жетип келгенин көрүп турабыз.

Мусулман өлкөлөрүндөгү режимдер бизди кыйроого карай алып бара жатат... Ырас, мусулмандар бул режимдердин ордуна Исламий Халифалыкты тикелөө үчүн олуттуу аракет кылбаса. кыйроого бет ала берет. Ошондуктан, мусулмандар олуттуу аракет кылуулары керек. Антпесе, мусулман өлкөлөрүнүн ыдырабаган жери калбайт.

***«Албетте, мында*** *(билгич)* ***жүрөк ээси болгон же өзү күбө болгон абалда*** *(т.а. чын дилден)* ***кулак салган киши үчүн эскертме-ибраттар бар»*** [50:37]

**19-шаъбан, 1432-х.**

**20-июнь, 2011-м.**

## Судандагы нефть келишими тууралуу

**Суроо:** *2012-жылы 3-августта Аддис-Абебада Судан менен Түштүк Судан ортосунда нефть маселеси боюнча келишимге кол коюлду, бул келишимге Америка мамлекеттик катчысы Түштүк Судандын борбору Жубага келгенден бир нече сааттан кийин гана кол коюлду. Америка президенти бул келишимге кол коюлушу менен эле аны алкыштады. Бул келишимдин артында эмне турат? Эмнеге Америка ага кол коюлушу үчүн бардык басымды өткөрдү? Акыйкатта болсо, бир Судан жооптуусу он күн мурун бул келишимди тогуз күндө же токсон күндө түзүү мүмкүн эмесин айткан эле го? Кала берсе, бул келишим Судан кызыкчылыгына кызмат кылабы? Же ал Судан тарабынан Америка басымы себептүү жүзөгө келген дагы бир жан берүүбү?*

**Жооп:** Ушуларды карап чыгуу менен жооп айкындашат:

1 – Судан тышкы иштер министрлигинин өкүлү Аваз Абдулфаттах мындай деди: «Биз Түштүк Судан менен нефть өткөрүү тууросында

келишимге жетиштик, биз башка маселелерди да сүйлөшүүлөр аркылуу чечмекчибиз». (Судан маалымат агенттиги, 2012/8/4). Бул жерде ал ушул келишимге кол коюлушу башка маселелерди чечүүнүн киришүүсү экенине ишарат кылып жатат. Мына ушул расмий Судан маалымат агенттиги Судан делегациясынын өкүлү Мутриф Соддиктин Хартумга келгенден кийин айткан ушул сөздөрүн маалымдады: «Нефть боюнча келишим канааттандырарлык болду, бирок, ал эки тараптын талаптарына жооп бербеди». Ал мындай деп кошумчалады: «Коопсуздук маселелери боюнча өз ара келишип алынгандан кийин бул келшимди ишке ашыруу башталат». Демек, ал да бул келишим өз ара келишип алына турган коопсуздук маселелеринин киришүүсү экенин баса белгилеп жатат. Т.а. Судан режиминин бул эки жооптуусу тымызын алдын ала өз ара келишип алынган маселелер бар экенин, алар туурасында расмий түрдө келишип алынбаганын, аларга расмий кол коюлушу үчүн аларды чыгаруу күтүлүп жатканын айтты.

2 – Африкалык ортомчу, Түштүк Африканы мурунку премьер-министри Табо Мбеки мындай дейт: «Бул эки мамлекет алдында чечилбей келе жаткан бул маселени чечүү үчүн 22-сентябрда бүтө турган мөөнөт бар. Президент Башир менен Салва Киир ортосундагы жаңжалдуу Абиейдеги абалды талкуулоо үчүн өткөрүлө турган жолугушуу сентябрга белгиленди». (Американын Сава радиосу, 2012\8\5). Ал дагы мындай деди: «Эки тарап нефть жеткирип берүүнү баштоо үчүн белгиленген убакыт кириши менен коопсуздук боюнча келишимге кол коюу зарылдыгын түшүнүүдө». (Рейтер, 2012\8\4). Бул болсо, нефть жеткирип берүү жөнүндөгү ушул келишим жеке эмес, тескерисинче, башка келишимдердин алкагында жүзөгө келип жактанын көрсөтөт. Мына ушул билдирүүлөрдөн бул жерде Судан режими менен Түштүк Судан ортосунда нефть жеткирип берүү келишиминен да мааниси чоңураак маселелер т.а. Абией маселесин чечүүгө тиешелүү түзүлгөн келишим бар экени анык көрүнүп турат.

3 – Ошондуктан, Хиллари Клинтон 2012-жылы 8-августта Жубага келди жана Салва Киирден ушул келишимге кол коюуну талап кылды, бир нече сааттан кийин ага чынында эле кол коюлду. Негизи, бул келишимге кол коюу алга жылбай турган. Себеби, Судандын сүйлөшүү алып барып жаткан делегациясынын өкүлү Мутриф Соддик он күн мурун мындай деген: «Бул келишимге тогуз күн же токсон күн ичинде кол коюуга жетишүү мүмкүн эмес, себеби, кээ бир маселелерди талкуулоо жана чечүү үчүн узак убакыт керек» (Би-би-си, 2012\7\23). Демек, бул нерсе Судан делегациясы келишимге 2012-жылы 2-августка чейин кол коюлушун күтпөгөнүн көрсөтөт. Бул мөөнөттү Коопсуздук Кеңеши 2012-жылы 2-майда өзүнүн 2046 резолюциясында белгилеген. Мына ушул резолюция эки мамлекетке өз ара жаңжал болуп жаткан чегаралар жана региондорду белгилөөгө алакадар келишпестиктерди чечүү туурасында келишимге кол коюу милдеттенмесин жүктөйт. Антпесе, эки тарапка каршы жаза-чараларды колдонот. Ошондуктан, бир күн өткөндөн кийин Америка эки тарапты келишимге кол коюуга мажбур кылуу үчүн бүткүл басымды өткөрдү. Себеби, Американын БУУ жана Коошсуздук Кеңешиндеги өкүлү Сюзан Райс мындай дейт: «Кошмо Штаттар эки тарапты 2046 резолюция боюнча жоопкерчилигине алган милдеттенмелерин тезинен аткарууга чакырат». (Би-би-си, 2012\8\2).

4 – Келишимге кол коюлгандан кийин Америка президенти Обама аны мындай деп алкыштады: «Судан президентин жана Түштүк Суданды бул келишим менен куттуктоого арзыйт, мен эл аралык коомчулуктун аракеттерин алкыштайм, бул аракеттер чечимге умтулуп эки тарапты үндөө жана колдоо үчүн бирикти». (АФП, 2012\8\4). Америка мамлекеттик катчысы Клинтон да «Түштүк Судан республикасынын жетекчилеринин бул токтомду кабыл алууда кайрат көрсөткөнүн» алкыштады. Ал мындай дейт: «Келечектеги башка коркунучтар шартында Судан калкынын кызыкчылыгы үчүн жана анын жакшыраак келечекке карай умтулуулары үчүн бул кыйынчылыкты жеңип өтүү зарыл» (жогорудагы булак).

5 - Судан режими бул келишимде өтө көп жан берүүлөргө барган. Эң чоң жан берүү бул режимдин Судан нефтисинен Түштүк Судан режиминин пайдасына баш тартышы болду. Түштүк Судан режими Судан нефтисинин 75%ына ээ болуп алды. Судан режими Түштүктүн бөлүнүп чыкканын моюнга алганы жана аны эгемендүү мамлекетке айлантканы жетишпегендей нефтисинин ушунча бөлүгүнөн да баш тартты. Бул режим өзү талап кылган баадан да баш тартты. Себеби, Судан режими өз жери аркылуу өтө турган ар бир баррель нефтиден алына турган акы катары 36 долларды талап кылган. Эми, ал бул каражаттан баш тартып, аны 22,20 долларга түшүрдү, Түштүк Судан болсо 7,61 доллар төлөө туурасында бекем туруп алган. Бирок, ал төлөнө турган акыны 9,10 долларга көтөрүүгө ыраазы болду. Муну Түштүк Судан делегациясынын башчысы ушул келишимге кол коюлушунан он күн мурун айткан (Би-би-си, 2012\7\23). Клинтон аралашкандан кийин, Түштүк Судан ар бир баррель үчүн 9,48 доллар төлөөгө макул болду, Судан болсо буга эбак эле ыраазы болгон эле. Бул баа Түштүк Судан талабына жакын болсо, Судан режиминин талап кылган баадан өтө алыс. Судан режими өзү талап кылган биринчи баанын төрттөн бирине жана талап кылган акыркы баанын жарымынан да азына макул болду. Муну менен бирге Судан режими Түштүк Судан мойнундагы карыздардын бир бөлүгү катары 4,9 миллиард доллар каражатты да талап кылып жаткан. Бирок, Түштүк Судан жооптуулары Судан режимине 3,2 миллиард доллар берүүгө ыраазы болушту, натыйжада, Судан режими дагы жан берип, ушул каражатты кабыл алды.

6 – Судандын жан беришиндеги эң кооптуу иш ушул, бул келишим Абией региону боюнча дагы да кооптуураак жан берүүнүн киришүүсү болуп эсептелет. Себеби, Судан режими ал жерде референдум өткөрүлүшүнө ыраазы болду жана буга чөйрө даярдоо үчүн бул региондон өз күчтөрүп алып чыгып кетти. Бул болсо, Судан режиминин бул региондон да баш тартууга даяр экенин түшүндүрөт. Референдумда кимдер добуш берүүгө акылуу экени

үстүндө келишпестик орун алган. Себеби, Түштүк Судан бул добуш берүүдө мусулман Масирия уруусу катышуусун четке кагууда. Себеби, бул уруу ушул региондо эң көпчүлүктү түзөт. Түштүк Судан референдумда добуш берүүгө Динка уруусу акылуу деп бекем туруп алууда. Себеби, бул уруу Түштүк Суданга малай. Бул болсо, эгер, референдум мына ушул негизде өткөрүлө турган болсо, анын натыйжасы Абией регионун Түштүк Суданга өтөрүн түшүндүрөт. Америка нефть жеткирип берүү келишимине кол коюлушу үчүн басым өткөргөн соң, Түштүк Суданды өз чечиминен дароо баш тартууга мажбур кылган соң – акыйкатта болсо, бул маселе боюнча көптөн бери сүйлөшүү жүрүп, эки тарап эч кандай натыжага жетишпеген эле, тескерисинче, бул келишим Судан делегациясынын өкүлү айткандай дээрлик мүмкүн эмес нерсе эле – Америка Судан режими тарабынан нефть маселеси жана Абией маселеси боюнча жан берүүлөргө барарына толук ишенет, буга кадыржам. Америка мамлекеттик катчысы Клинтондун айткан сөздөрү ушуну көрсөтүп турат. Ал мындай деген: «Башка коркунучтар шартында Судан калкынын кызыкчылыгы жана анын жакшыраак келечекке карай умтулуулары үчүн бул кыйынчылыкты жеңип өтүү зарыл». Бул умтулуулар жана коркунучтар өзгөчө Абией регионуна тиешелүү. Себеби, Түштүк Судан бул регионду Судандан кесип алынган өзүнүн жер аянтына кошуп алууну катуу талап кылууда. Америка президентинин бул келишимди алкышташы – бул иш түндүк аркылуу нефть жеткирип берүү маселесин да артта калтырышына далалат кылат. Нефть жеткирип берүү маселеси чоң проблема эмес, себеби, аны Кения аркылуу жеткирип берүү да мүмкүн жана бул туурасында сүйлөшүү да жүргүзүлүп жаткан. Ошондуктан, Түштүк Судан өз нефтисинин түндүк аркылуу өтүшүнө көп деле муктаж эмесин сезип жаткан. Ошол себептен улам, өзү каалап жаткан баада бекем туруп алган. Африкалык ортомчу бул иш Абией региону боюнча чыр-чатакты чечүүгө байланыштуу экенин жана эки президентке буга тиешелүү нерселер туурасында өз ара

келишип алуулары үчүн 22-сентябрга чейин мөөнөт берилгенин ачык-айкын көрсөтүп өттү.

7 – Жогорудагыларды карап чыккандан кийин мындай десе болот: Тышынан нефтиге тиешелүү болуп көрүнгөн бул келишим Түштүк Суданга бир нече пайдаларды алып келди. Бул пайдалардын ичинде нефтиге тиешелүүлөрү да жана башка нерсеге тиешелүүлөрү да бар: нефтиге тийиштүүсүнө келсек, Судан режими бул келишим менен Түштүк Судандын Судан нефтисинин 75%ына ээ болгонун расмий түрдө моюнга алган болот. Бул режим ушул нефтинин алынып өтүшүнөн түшкөн баа үстүндө гана сүйлөшүү алып барып жатат, нефтиге ээлик кылуудан болсо ага эч кандай үлүш жок. Эгер, келечекте Түштүк Судан ылайык көрсө, же Америка Судан режимине Дарфурга алакадар бирер иштен баш тартышы, же башка региондор жана маселелер туурасында баш тартышы үчүн басым өткөрмөкчү болсо, нефтини Кения тарапка буруп да жибере алат. Ошондо, Судан ар кандай төлөм алуудан да бүтүндөй куру жалак калат. Айрыкча, бул келишим үч жарым жылга чейин күчүндө болот. Ошондуктан, Түштүк Судан бир баррель нефть үчүн төлөнө турган бааны өзү сунуш кылган 9,10 долларга өтө жакын кылып, Судан режими талап кылган сандан болсо – ал 36 доллар же 22,20 доллар – абдан алыс белгиледи.

Түштүк Суданга түшө турган башка пайдаларга келсек, алар келечекте көрүнөт, бул пайдалардын башында Абией региону турат. Себеби, Судан режими бүткүл Түштүк Судандан эбак эле баш тартып болгон. Демек, Абиейден баш тартышы да божомолдон алыс эмес. Бул режим 2005-жылдагы түштүктүн бөлүнүп чыгышына алып келген Найваши келишими боюнча ушул региондо тиешелүү протокол алкагында референдум өткөрүлүшүнө ыраазы болгон. Ушул референдумда кимдер катышуусу үстүндө гана келишпестик калды. Демек, кимде ким өз жеринин өз тагдырын өзү белгилеши боюнча референдум өткөрүлүшүнө ыраазы болгон соң, ал өз жеринен баш тартууга да ыраазы болот. Мунун тушунда көз боёмочулук

кылып алдоо үчүн Түштүк Судан Кордофан түштүгү региону Көк Нилде чегараларды белгилеп чыгууга ыраазы болушу жана Хаглиг регионун Суданга таандык деп тан алышы ыктымалдан алык эмес, себеби, бул регионду Судандыкы деп 2009-жылы эл аралык коомчулук тан алган. Мына ошондон кийин Судан режими Абией регионунда референдум өткөрүп андан баш тартышынын акысына чыр-чатактуу жайларга чегаралар белгиленгенде Судан режими адамдарга чыгып өзүнүн жеңиштерге жана утуштарга жетишкенин айтып мактанат! Булардын баарынын ишке ашуусунун негизги фактору – Америка. Америка өзүнө көз каранды Судан режимине басым өткөрүүдө. Натыйжада, бул режими – Америка өзү ылайыктуу деп билген шарттарга карап буга олуттуу киришкенде – дагы жан берүүдө. Хартумдагы Судан режими кулоодон коркууда жана Америкадан башка коргоочуну көрбөй жатат. Ошондуктан, Американын талаптарына лаббей деп жооп берип, Исламий жерлерден – ал жерлерде яхудий мамлекетке окшогон мамлекет пайда болушу үчүн – оңой эле баш тартууда. Түштүк Судан мамлекети яхудий мамлекет менен бекем союздаш экенин жарыя кылды жана бул эки мамлекет бири-бирине сапар жасап башташты. Яхудий мамлекет менен Түштүк Судан ортосунда яхудийлер Түштүк Суданды каалаган жакка багытташына мүмкүнчүлүк берген, өзгөчө, Суданга каршы жол-жобо көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк жараткан келишимдер түзүлдү.

**20-рамазан, 1433-х.**

**8-август, 2012-м.**

## Америка Дарфурга тиешелүү Доха келишиминен жүз үйрүдүбү?

**Суроо:**

*«Суна» 2014-жыл, 23-март күнү Судан республикасынын президентинин алдындагы улуттук эксперт Усман Даррордун төмөнкү сөздөрүн келтирди: «Американын Дарфурда тынчтыкка тиешелүү Доха документине карата позициясы Дарфур ичкерисиндеги чыныгы кызыкчылык*

*ээлеринин позициясы жана каалоолоруна тескери келет...». Ал Кошмо Штаттардын коопсуздук кеңешиндеги өкүлү Саманта Пауэрдин айткан сөздөрүнө түшүндүрмө берген эле. Саманта 2014-жыл 10-мартта Аддис-Абебада Африка тынчтык кеңеши жыйыны алдында: «Доха документи эскирип, ага негизделүүгө болбой калды», - деген эле. Саманта Пауэр кеңешти Дарфур маселесин чечүү үчүн бир жаңы трибуна табууга чакырды. Белгилүү болгондой, Америка 2011-жылы 14-июнда мына ушул Доха документине кол коюунун артында турган эле. Бул Американын Доха келишиминен жүз үйрүгөндүгүн түшүндүрөбү? Андай болбосо Кошмо Штаттардын коопсуздук кеңешиндеги өкүлү Саманта Пауэрдин сөздөрүн кандай түшүнүүгө болот? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.*

**Жооп:**

1 – Ооба, туура, Америка Доха келишимине кол коюунун артында турган жана бул үчүн күч жумшаган эле. Келишимден көздөлгөн максат, европалыктар таасирин алыстатуу болчу. Америка Дарфур маселеси тизгинин бир өзү кармап турууга аракет кылып, Франция жана Британияны бул маселеден алыстатууга, аларды жана алардын Чад жана Катардагы малайларын кол коюу ырасымдарында гана катышуучу жалган күбө кылып калтырууга о.э. аларды качкындарга зарыл болгон каражаттарды жана компенсацияларды төлөөдө гана катыштырууга аракет кылды. Айрыкча, Британия кызыкчылыгы үчүн белгилүү ролду ойноп жаткан Катарды ушундай абалга салууга аракет кылды. Америка аларга берген эң чоң рол аларды токтомдордун аткарылышын күзөтүү механизми болгон комиссиянын курамына киргизүү болду. Т.а. алар Американын Дарфурга тиешелүү документтеги токтомдорун аткара турган эл аралык күзөтүүчүлөр боло турган болушту. Ошого карабастан, Европа (Франция жана Британия) Американын кудум Судан түштүгүндө болгону сыяктуу Дарфурда да бир өзү кожоюн болуп алышына оңой эле ыраазы боло койбойт. Ошондуктан, Европа мейли келишимге карата өз позициясын жумшарткан болсо да, бул

согушкердин бир аз дем алышы сыяктуу нерсе. Бул «дем алуу» качан гана Европа Дарфур тизгинин – ал тургай тизгиндин баарын болбосо да – дагы кайрадан өз чеңгелинде кармап туруу мүмкүнчүлүгүн бере турган көрүнүштө бул келишимге жарып кирип ала турган бир ыңгайлуу учурду тапканга чейин уланат...

2 – Бул документ Америка үчүн маанилүү. Ошондуктан, Америка аны салмактуу утуш деп эсептеди! Себеби, Америка бул келишимди акыркысы деп эсептебейт, тескерисинче аны Дарфурдагы кризистин туруктуу чечимин көздөй ташталган бир кадам деп эсептеди. Бул болсо, Америка анын артынан башка кадамдарды таштай тургандыгын кабарлап жаткандыгын түшүндүрөт. Америка Дарфурдун кеңири ыйгарым-укуктарга ээ болгон автономиялуу башкарууга ээ болушу менен эле чектелбеши мүмкүн. Тескерисинче, иш Дарфурдун Судандан бүтүндөй бөлүнүп чыгышына чейин жетет. Бул бөлүнүп чыгуу Дарфур калкына өз тагдырын өзү белгилөө туурасында кудум Найваша келишимине окшогон дагы бир келишимди пайда кылуу менен ишке ашырылат. Бул боюнча референдум өткөрүлгөнгө чейин жана мына ошондон кийин кудум Судан түштүгүндө болгону сыяктуу бөлүнүп чыгуу жүз бергенге чейин ушундай кылынат. Ошондуктан, демек Американын Доха документиндеги негизги беренелерден баш тартышынын эч бир ыктымалы жок. Себеби, бул документ Американын Дарфур маселесинде жеке кожоюн болуп алуу үчүн таштай турган кадамдарынын бири болуп эсептелет, анын артынан Америка жаңы кадамдарды таштайт...

3 – Бирок, эки иш жүз берди дейсиң, Америка ушул эки иштен улам өзүнүн Европаны Дарфур маселесине шерик кылууга жана Доха келишимин жаңыдан талкуу кылууга тоскоолдук кылбастыгын Европага уктурду. Бул нерсе алдамчы билдирүүлөр аркылуу ишке ашты. Европа бул билдирүүлөрдү кабыл алган күндө Доха келишими туурасында алыш-бериш гана болот. Бул алыш-бериш анын негизги беренелеринде эч бир өзгөрүшкө алып барбайт,

тескерисинче бул беренелерди башка тараптарды ыраазы кыла турган көрүнүштө бир аз боёп-түзөлөт жана мына ошондон кийин бул келишимге кол коюлат. Ошол эки иш төмөнкүлөр:

Биринчи: Доха келишимине кол койгон Азаттык жана Адилеттүүлүк кыймылында келишпестиктер күчөп барууда. Ал тургай, бул кыймылдын төрагасынын саясий иштер боюнча орунбасары Ахмад Кабир Жибрилдин (ал Чыгыш Дарфур валийинин орунбасары) отставкага чыгышы жөнүндө арты-артынан кабарлар таркады. Кыймылдын башкы катчысы Бахр Идрис Абу Гарда бул келишпестиктерди тан алып: «Коопсуздук тартип-чаралары жана күн тартибиндеги башка маселелер аткарылышы дуушар болуп жаткан чоң коркунучтар шартында кыймылдын ичиндеги абал анчалык жакшы эмес», - деди. Ал «Доха тынчтык документине кол койбогон кыймылдар менен – алар да тынчтык процессине кошулушу үчүн – мамилелер болуп жатканын» көрсөтүп өттү. Себеби, Дарфурдагы бардык куралдуу кыймылдар тынчтык документине кол койгон күндө гана толук тынчтыкка жетишилет (Акыркы ирмем, 2014-жыл, 27-февраль). Демек, бул кыймыл ынтымактуу эмес, тескерисинче ал адам санын көбөйтүү жана мүмкүн болушунча тезирээк белгилүү бир утуштарга жетишүү үчүн чогулган адамдар тобунан турат. Ошондуктан, ал да Судандагы калган козголоңчу кыймылдар сыяктуу. Себеби, бул кыймылдардын бардыгында бөлүнүп кетүүлөр жана келишпестик өкүм сүрүүдө. Себеби, бул кыймылдардын жетекчилери чет элдик күчтөр менен байланышкан болуп, бул жетекчилердин акча жана мансаптан башка кайгысы жок, аларды аракетке келтирүүчү фактор мабда да, пикирлер да эмес. Бул жетекчилер болгону, зулум жана жаман башкаруу себептүү пайда болгон адамдардын оор абалынан т.а. мамлекеттин башкарууга алсыздыгынан пайдаланышууда... Бул кыймылдар түздөн-түз колонизатор мамлекеттерге таяныпиш жүрүгүзүүдө. Бул колонизатор мамлекеттер өзүнө малай боло турган жана өзүнүн колонизаторлук максаттарын ишке ашырып бере турган жаңы жетекчилерди чыгарууга

аракет кылууда. Демек, Азаттык жана Адилеттүүлүк кыймылы ичкерисиндеги мына ушул келишпестиктер анын ынтымагына таасир кылууда. Ал башка козголоңчу кыймылдардан бөлүнүп чыккандардан Америка тарабынан түзүлгөн кыймыл болуп эсептелет. Адилеттүүлүк жана Теңдик кыймылы о.э. Судан Азаттык кыймылы сыяктуу европалыктарга көз каранды болгон башка кыймылдар өзүн четке алгандан кийин сүйлөшүүлөрдү алып барышы жана Доха документине кол коюшу үчүн Америка тарабынан бул кыймыл түзүлдү.

Экинчи: Хартумдагы режимге каршы уланып жаткан саясий башаламандыктар. Бул башаламандыктар акыркы кезде ушунчалык тездей баштады дейсиң, бул абал тынчтандыруу чечимдерин издөөгө режим башчысы Умар Баширди мажбур кылды... Ал тынч эмес абалга түшүп қалып бул абал аны Британияга малай жетекчилер менен байланышууга мажбур кылды, акыйкатта болсо, ал мурда аларды четтеткен эле! Бул болсо, режимде чечимдер калбаганына, анын кыйын абалга түшүп калганына жана саясий кырдаал ага каршы туруксуз болуп калганына далалат кылат.

4 – Европа (Британия жана Франция) бул эки иштен пайдаланып калды жана аны өзүнүн Судан түштүгү маселесинен четтетилгендигинин ордун толтуруу мүмкүнчүлүгүн бере турган, натыйжада Дарфур маселесине өз өкүмүн өткөрө ала турган же жок эле дегенде маанилүү чечимде ролго ээ болуп алышынын мүмкүнчүлүгүн бере турган бир ыңгайлуу учур деп билди. Ушуга ылайык, демек Европа малайлары Судан түштүгүндө Американын ал жердеги таасирин алсыратуу жана Американы ал жерде алек кылып коюу үчүн жан үрөп иш алып барышты. Бул малайлар Дарфурда да – Американы Дарфур проблемасы чечиминен Европаны четтетпестикке мажбур кылуу жана мына ошондон кийин Европанын чечим тууралы салмактуу раъйы болушу үчүн – жаңы саясий абалды зордоп тыгыштыруу максатында иш алып барышты. Мунун Судан түштүгү жана Дарфур тууралы тафсилаты төмөнкүдөй:

а) Дарфур жөнүндө айта турган болсок, акыркы убакта көңүл бура турган өнүгүүлөр жүз берди. Себеби, Дарфурдагы кээ бир козголоңчу кыймылдар ал жердеги окуяларды курчутту. Бул мына ошол кыймылдар 2014-жыл, февраль айынын башында катуу чабуулдарды уюштуруп баштаган убакта жүз берди. Натыйжада, Түндүк Дарфур регионунун борбору Фашир туруксуз болуп калды, Түштүк Дарфур борбору Ньяла да туруксуз болуп калды. Бул эки шаардын калкын коркуу жана туруксуздук абалы курчап алды. Козголоңчулар Фаширден 60 км. алыстыктагы Товила регионун ээлегенден кийин ушундай кырдаал жүз берди. Ньяладан 50 км. алыстыктагы аймакта жайгашкан 45 айылга да куралдуу жамааттар чабуул кылышты. Мисалы, маалымат агенттиктеринин кабар беришинче, Доха келишимине кол койбогон Судан Азаттык кыймылы о.э. Азаттык жана Адилеттүүлүк кыймылы Хасканита жана Луайт «Жару Набий» региондоруна чабуул уюштуруп бул эки регионду ээлеп алышты. Бул эки кыймыл Маллитке жана валий Усман Кабирдин туулган жери Товишага да чабуул кылышты. Дарфур түндүгүнүн валийи Усман Юсуф Кабирге кол салынды. Кол салуу маалында анын айдоочусу жана сакчыларынын бири өлтүрүлдү. «Судан армиясы бул чабуул болгонун тан алып, аны каралады, Дарфурдагы козголоңчу Судан Азаттык кыймылынын жетекчиси Мини Арко Манавинин жалданмаларын бул аракетти ишке ашырууда айыптады, аларды тынчтык жана туруктуулукка зыян жеткирүүгө аракет кылууда, түндүк Дарфур вилаятындагы Маллит шаарынын жарандарын коркутууда айыптады. Ишенимдүү булактардын айтышынча, Кабир өткөн ишемби күнү (2014-жыл, 15-март) козголоңчулар чабуул кылган Маллит регионуна сапар кылган, калк болсо аны күтүп алууну четке каккан, ал шаардан кайтып жаткан убакта ал түшкөн автомашиналар колоннасы куралдуу буктурмага дуушар болгон». (Саудиянын Ватан газетасы, 2014-жыл, 18-март). Бир нече мамлекеттердин аскерлеринен түзүлгөн тынчтык орнотуучу күчтөрдүн – Америка өкүлү көрсөтүп өткөндөй – бул чабуулдарга тоскоолдук кыла албагандыгы бул

окуяларды дагы да кызуу түс алдырды. Себеби, бул күчтөрдүн бардыгы эле Америкага көз каранды болбостон, алардын арасында европалыктарга көз каранды болгон күчтөр да бар. Ошондуктан да Америка өкүлү бул күчтөрдүн ролун жана алардын европалыктарга көз каранды козголоңчу кыймылдар келтирип чыгарган акыркы окуялардын өркүндөп кетишине жол койбостугу керек болгон өз милдетин аткарбагандыгын сынга алды.

б) Судан түштүгүндө болсо Дарфур окуялары акыркы айларда англистер малайы Риек Мачар Америка малайы Салва Киирге каршы козголоң көтөргөн окуялар менен бир мезгилге туура келди. Бул козголоң дагы деле уланууда жана Американы тынчсыздандырууда, Америка азыркыга чейин ага чек коё албады...

Ошентип, Доха документине кол коюлгандан берки салыштырмалуу тынчтыктан кийин Дарфурда согушту жаңыдан күчөтүү үчүн Европа (Британия жана Франция) өзүнө малай болгон козголоңчу кыймылдарды аракетке келтирди... Бул кыймылдардан Европанын аларды пландаштырганы анык көрүнүп турат. Максат, Доха документине кол койбогон кыймылдарды таасирдүү көрүнүштө шерик кылууга жана алардын майданга дагы кайтышына көнүүгө мажбур кыла турган бир жаңы саясий абалды пайда кылуу. Бул козголоңчу кыймылдардын европалыктар тарабынан даярдалган план менен аракетке келгенин Судан Азаттык кыймылынын маалымат иштери жана коомчулук мене байланышуу Манави канатынын төрагасынын жардамчысы Убайда Абдуллах Таишийдин айткан сөздөрү тастыктап турат. Ал: «Кыймылдын Дарфур регионундагы жеңиштери жаңы саясий абалды орнотту», - деди. (Судан Трибун баракчасы, 2014-жыл, 18-март).

5 – Булардын бардыгы Американы өзүнүн өкүлү аркылуу Америка Доха келишимин дагы сүйлөшүүлөр столуна коюуга жана бул документке кол койбогон козголоңчу кыймылдардын Доха документи бекер кылынышы менен же андагы негизги беренелерге өзгөртүү киргизилиши менен өздөрү үчүн дароо бир «таасирдүү» рол болушу тууралуу каалоолорун кабыл

алууга даяр экендигин Европага уктуруу үчүн мына ушул билдирүүлөрдү берүүгө мажбур кылды... Акыйкатта болсо, түпкүлүгүндө Американын бул документтеги негизги кең көлөмдүү пландарга бекем жабышып алганы жакшы белгилүү. Себеби, Америка бул документти өзүнүн Дарфурду бөлүп таштоого тиешелүү долбоору жолунда ташталган биринчи кадам жана маанилүү бир утуш деп эсептейт. Билдирүүдөн максат болсо, Доха келишимине кол койбогон кыймылдар – качан бул келишимге бир аз оңдоп-түзөтүүлөр киргизилгенден кийин – ага кол коюу үчүн келгенге чейин аларды майданга киргизип туруу үчүн бир алдоо гана. Америка өкүлү Пауэрдин Аддис-Абебада Африка тынчтык жана коопсуздук конференциясында «Доха документи эскирип, ага негизделүүгө болбой калды...» деп айткан мына ушул сөздү өзүнүн расмий билдирүүсүнө киргизбегендиги Американын Дарфурда тынчтык орнотуучу Доха документиндеги кең көлөмдүү пландарды алып таштоону каалабастыгына далил болот. Пауэр бул расмий билдирүүнү эки күндөн кийин чыгарды жана ал «Америка тышкы иштер министрлигинин сайты IIP Digital»да 2014-жыл, 14-март күнү басылып чыкты. Пауэрдин мына ошол конференцияда сүйлөгөн сөзү Америка тышкы иштер министрлигинин расмий сайтында адаттагыдай басылып чыкпады, тескерисинче, Пауэрдин ошол конференцияда айткан сөздөрүн өз ичине алган бир жаңы мазмундагы билдирүү коюлду, анда болгону мына ошол сөз гана жок! Бул болсо, сөз оюну болуп жаткандыгын көрсөтүп турат. Себеби, Пауэр мына ошол сөздү айтты, бирок, аны тышкы иштер министрлигинин сайтында айтпады. Ал расмий позиция болуп эсептелип калбасын үчүн айтпады, себеби, бул сайтта басылган нерсе Америка админстрациясынын саясатын түшүндүрө турган бир расмий кайрылуу болуп калат. Ошентип, демек Доха документи Америка утуштарынын бири болуп, бул документ Американы Дарфур маселесине – бул маселеде бир өзү кожоюн болуп алышы үчүн – бекем жабышып ала турган кылып койду. Бул документ 2006-жылдагы Абужа келишими жана

2009-жылдагы Адилеттүүлүк жана Теңдик кыймылы менен түзүлгөн чөйрө келишими сыяктуу Европанын колу бар келишимдерди бекер кылды. Ошондуктан, демек Американын бул документтеги негизги беренелеринен баш тартышы ыктымалдан алыс. Америка бул документтин артынан кудум Найваша келишимине окшоп, Дарфурдун өз тагдырын өзү белгилөөсүнө тиешелүү толук тынчтык келишимин түзүүнү пландаштырууда.

6 – Америка өкүлү айткан сөздөргө Судандын наразылык билдирүүсү болуп көрүнгөн нерсеге келсек, бул билдирүүлөр көз боёмочулуктан башка нерсе эмес. Булардын бардыгынан максат, Америка токуган жалганды толуктоо гана. Америка ушул аркылуу европалыктарга Европа жана анын малайларын ыраазы кыла турган планды – ал тургай бул план Судан режимин ыраазы кылбаса да – даярдап жаткандай болуп көрүнмөкчү. Мындан максат, Американын чындап эле Европаны өз малайларын Доха документи боюнча сүйлөшүүлөрдө катышууга үндөөгө чакырып жатканына ишенимин пайда кылуу. Америка эгерде Европа малайлары бул сүйлөшүүлөрдү кабыл ала турган болушса алардын бул келишимди боёп-түзөө менен алек болуп калышын, ал жерине өзгөртүү киргизүү, бул жерине киргизбестик, кабыл алуу жана четке кагуу үчүн узак убакыт кетишин жана мына ошол убакта козголоңчулардын аскерий кыймылдары  тарыхка айландаган күндө да токтоп, тынчып турушун жакшы билет! Бул сүйлөшүүлөр чөйрөсүн булгабаш керек деген шылтоо менен болот. Судан режиминин Америка өкүлүнүн сөздөрүнө наразы болгону бир куру ызы-чуудан башка нерсе эместигин ушул өкүлдүн өзү 2014-жыл, 14-мартта өзүнүн билдирүүсүндө айткан нерселер анык көрсөтүп турат. Себеби, Америка өкүлү ошол билдирүүсүндө Судан өкмөтүнүн саясий диалогго даяр экендигин айтып, куралдуу топторду толук тынчтык саясий чечимине жетишүү максат кылынган ушул саясий диалогго катышууга чакырды. Өкүлдүн 2014-жыл, 14-мартта басып чыгылган билдирүүсүндө төмөнкүлөр келди: «Биз Судан өкмөтү январь айында саясий диалогго башчылык

кылууга даяр экендигин билдиргендигин албетте эсепке алабыз. Бул диалогдо саясий катмардагы бардык активдүү күчтөр о.э. зомбулукту четке кага турган куралдуу жамааттар катышат... Биз бардык куралдуу топторду, ошону менен бирге Судан өкмөтү колдоп-кубаттап жаткан жарым аскерий жамааттарды да бардык зомбулук чабуулдарына чек коюуга жана Судандагы кандуу жаңжалдарды, ошону менен бирге Дарфур боюнча сакталып калып жаткан келишпестиктерди чечүүгө тиешелүү толук тынчтык чечимине жетишүү максат кылынган саясий диалогдо катышууга чакырабыз...» (Америка тышкы иштер министрлигинин сайты IIP Digital, 2014-жыл, 14-март). Бул болсо, Судан режими менен Америка ортосунда толук келишим бар экендигин жана Америка сыртынан Судан режимине каршы кудум мына ушул кыймылдар тарабында болуп көрүнмөкчү экендигин, кудум мына ушул кыймылдар өз чабуулдарын токтотуп, Америка  көзөмөлү астында болуучу режим менен сүйлөшүүлөргө келиши үчүн режимдин бул кыймылдардын талаптарыга моюн сунушун каалап жаткандай болуп көрүнмөкчү экендигин көрсөтүп турат.

7 – Тыянак: Америка өкүлүнүн Доха келишимине каршы айткан сөздөрү, болгону, бир алдоо гана. Максат, Европа жана анын малайларын Америка аларды Дарфур проблемасы чечимине шерик кылууну олуттуу каалап жатканына ишендирүү жана Доха келишиминин Дарфур проблемасын чечүү үчүн чогула турган топтор ортосунда бардыгынын ыраазылыгы менен жана эч бир тарапты четтетпестен талкуу кылынышына ыраазы экендигин уктуруу... Түпкүлүгүндө болсо, Америка Доха келишиминдеги негизги кең көлөмдүү пландарга бекем жабышып келүүдө жана өзүнүн билдирүүлөрү менен өзүн олуттуу кылып көрсөтмөкчү, өзүн Европа жана бул келишимге кол койбогон кыймылдар кызыкчылыктары тарапкечи кылып көрсөтмөкчү... Аларды буга ишендирүү үчүн кудум Судан режими менен келише албай жаткандай көрүнүп мына ушул билдирүүлөрдү берди! Ошондуктан, булардын бардыгы – айтып өткөнүбүздөй – Европа жана анын малайларын

алдап, аларды Дарфур проблемасын чечүү келишими туурасындагы саясий сүйлөшүүгө тартуу. Мына ошондон кийин сүйлөшүүлөр чөйрөсүн булгабастык деген шылтоо менен козголоңчу кыймылдардын Дарфурдагы куралдуу иш-чараларын токтотууга мажбур кылуу.

Мусулмандар маселелеринде колонизатор кафир мамлекеттердин кожоюн болуп алганы өтө өкүнүчтүү. Бул нерсе мусулмандар өлкөлөрүндөгү залим, малай акимдердин көз алдында болуп жатат. Бул колонизаторлор Ислам жана анын калкына каршы ачыктан-ачык айла-амалдарды кылышууда. Мусулмандар өлкөлөрүндөгү бирер аким буга жок деп каршы чыгууга батына албай жатат!

***«Мына ушул. Албетте, Аллах кафирлердин айла-амалын алсыз кылуучу Зат»*** [8:18]

**23-жумадул-аввал, 1435-х.**

**24-март, 2014-м.**

### Судандагы митингдер жана анын оң-сол тарабы

**Суроо:** *Суданда каршылык митингдери эки айдан тынчыбай уланып келе жатат. Бул экономикалык кырдаалдын начарлашы натыйжасынан келип чыктыбы? Же бул каршылык митингдери, Америка мамкатчысынын орун басары Жон Салливан 2017-жылы ноябрда Хартумга иш сапары менен келгенден кийин Хартум менен Вашингтондун ортосундагы алакалардын чыңалуу себебинен келип чыктыбы? Ал Судан тарап менен сүйлөшүү учурунда Баширдин талапкерлигин 2020-жылкы шайлоодо кайра көрсөтүлбөшүн сунуштаган. Башир буга теригип Америкага моюн толгоо ирээтинде Орусияга иш сапары менен барып аскерий база ачууга макулдук берди. Ошол себептен улам Америка Баширди алмаштырууга чечим кылып, аны экономикалык жактан кысмакка алып, ага экономикалык жактан жардам берип жаткандардын, айрыкча Саудиянын жардамын андан тосуп койдубу? Кийин Содик*

*Махдийдин митингди колдоосу Британиянын да мында колу бар экендигин билдиреби? Узун суроо бергениме үзүр сурайм. Аллах ыраазы болсун.*

**Жооп:**

1. Ооба Америка ТИМинин орун басары Жон Салливан 2017-жылы 16-ноябрда Суданга иш сапары менен барды. Судандын ТИМи, Финансы министири, Куралдуу күчтөрдүн штаб башчыларынын бириккен комитетинин төрагасы, Судандын Улуттук чалгындоо кызматы жана Ички иштер министрлигинин өкүлдөрү менен жолукту. Мындан тышкары, Америкада Судан элчилигинин утурумдук өкүлү, ошондой эле диний жетекчилери менен жабык отурумда жолугушту. Кийин Куран Карим Университетинин шейиттер залында Американын Судан жаатындагы саясаты тууралуу сөз сүйлөдү. «Жон Салливан Судандын «Судан Таймс» сайтына берген маегинде Судан өкмөтүнөн кээ бир мыйзамдарды кайра карап чыгууну же жокко чыгарууну талап кылды. Мисалы: муртадга (динден кайткандарга) карата өлүм жазасын колдонууну алып салуу, «жалпы мыйзамдын ичиндеги кийимге тиешелүү беренени» алып салуу. Бул мыйзамдын негизинде адепсиздик көрүнүштө кийинген аялдар бул мыйзамдарды аткаруучу коопсуздук кызматкерлери тарабынан балак урулуп жазаланат. Ошондой эле Судандын жаңы баш мыйзамын жазууда бардык диндердин эркиндигин сактоого чакырды» («Судан Трибуна», 2017.11.18.).

2. Дагы кээ бир жылчып чыккан маалыматтарда Жон Салливан Баширден 2020-жылкы шайлоодо талапкерлигин көрсөтпөшүн талап кылган. Буга Башир ыраазы болгон эмес. Андан кийин эки тарап ортосундагы алакаларда чыңалуу жүз берди (деп айтылды). Бирок, бул акыйкаттан алыс. Анткени, Башир өз кожоюну Америкага түздөн-түз каршылык көргөзүүгө чамасы жок. Ал мамбашчылыкка талапкерлигин койбойт, Америка ыраазы болсо гана койот. Эгер, Башир Американын көрсөтмөлөрүнө моюн толгоп 2020-жылкы шайлоодо талапкерлигин көрсөтүп дагы бийликте калууну

каалап жатат деп ала турган болсок, анда Америка 1989-жылы 30-июнда Баширдин өзүн ыңкылап аркылуу бийликке алып келгендей, аны ыңкылап аркылуу бийликтен алып салмак. Ошондой эле, Америка жооптуусу Баширден 2020-жылда талапкерлигин көрсөтпөшүн талап кылгандыгы тууралуу маалыматтар коомдук маалымат каражаттары тарабынан байма-бай тарай баштаган учурда Судандын ТИМи Ибрахим Гандур муну четке кагып мындай деди: «Америка Суданды терроризмди каржылоочу мамлекеттердин тизмесинен чыгаруунун акысына Баширди 2020-жылга белгиленген шайлоодо талапкерлигин көргөзбөө шартын койгон жок», дагы мындай деди: «Биз Америка ТИМинин орун басары Жон Силливандын акыркы жолку Хартумга жасаган иш сапары алкагында адам укуктары жана дин эркиндиги боюнча талкуулаштык» («Кудус Арабия», 2017.11.14.). Кийин бул иш сапар чыңалууга эмес, тескерисинче жамдашууга далалат кылгандыгы көрүнүп турат. Салливан бул иш сапары учурунда мамлекеттин ар тармактуу өкүлдөрү менен жылуу жоолугушууларды өткөрдү! Америка админстрациясы 2017-жылы 26-сентябрда Судан жарандарына карата каттамдык тыюуну алып салгандан кийин, ошондой эле 2017-жылы 6-октябрда жыйырма жылдан бери Суданга карата киргизилген кээ бир экономикалык санкцияларды алып салгандан кийин бул иш сапар орун алды. Бул иш сапарда көздөлгөн максат Баширдин талапкерлигин талкулоо болгон эмес, негизги максат Суданды «терроризмди колдоп коргогон мамлекеттердин» тизмесинен чыгарууга каратылган. Ошол үчүн Америка Суданды бул тизмеден чыгаруу үчүн кээ бир шарттарды койду. Ал шарттар жогоруда «Судан Трибуна» маалыматында айтылып өттү. Бул бир тараптан, экинчи тараптан Башир Салливандын иш сапарынан он күн өткөндөн кийин талапкерлигин койбоо тууралуу мурда айтып жүргөн убадасын кайра жаңылады. «Судандын мамбашчысы Умар Башир биринчи күнү мамбашчылыктын экинчи мөөнөтү айгына чыккандан кийин 2020-жылда тарапкерлигин койбостугу тууралуу мурдагы убадасын дагы кайталады.

Башир бул сөзүн өкмөттүк эмес Судан жаштарынын Улуттук союзунун жетинчи жалпы жыйынында айтты» («Халиж Онлайн», 2017.11.06.). Бирок, ошондой болсо да Судан сыяктуу өлкөлөрдө убадасынан кайтуу көнүмүш адат. Бирок, Америка менен Судан тараптын кызматташууларынан көрүнүп тургандай, билдирүүлөрдө бул иш сапардагы максат Баширди талапкерлигин койдурбоо эмес экендигин көргөзүп турат. Америка менен Судан тарап бул иш сапардан кийин да, каршылык минтингдеринен кийин да өз кызматташууларын улантып келе жатышат. Судан 1993-жылы «терроризмди колдоп коргогон» мамлекеттердин тизмесинен киргизилген. Ал эми, бул иш сапардын максаты Суданды бул тизмеден чыгарууга каратылган. Анткени, 1997-жылы Суданга карата киргизилген экономикалык санкцияларды Трамтын администрациясы алып салгандан кийин Судандын бул тизмеден чыкпай турушу уланып жатат. Америка Суданды бул тизмеден чыгаруу үчүн Суданга экинчи этапты аткарууга шарт койду. Ал этапта Судан «терроризмге каршы күрөшүү» жаатында жигердүү иштерди алып баруусу жана адам укуктарын, дин эркиндиктерин камсыздоонуу күчөтүүсү шарт.

3. Ошондой эле, Жон Салливандын 2017-жылы 16-ноябрдагы иш сапары 2018-жылы 19-декабрда башталган каршылык минтингдерине түрткү берген жок. Анткени, Американын позициясы иш сапардан кийин да, митингдерден кийин да митингчилер тарабында эмес, Судан өкмөтү тарабында болду. Билдирүүлөр жана кызматташуулар ушуга ишаара кылып турат. 2019-жылы 17-февралда Хартумга Америка мамбашчысынын Африка боюна атайын кеңешчиси Сирил Сартр иш сапары менен келди. Аны АКШ улуттук коопсуздук кеңешинин Африка боюнча департаментинин мүдүрү Даррен Серайл коштоп жүрдү. Анын иш сапары 2019-жылы 20-февралда аягына чыкты. Америка мамбашчысынын Африка боюнча атайын кеңешчиси Сирил Сартр Республикалык сарайдагы жолугушуудан кийин берген билдирүүсүдө мындай деди: «Менин мамбашчынын жардамчысы менен жолугушуум натыйжалуу жана жемиштүү болду. Суданды терроризмди

колдоп коргогон мамлекеттердин тизмесинен чыгаруу тууралуу жүрүп жаткан эки тараптуу сүйлөшүүлөрдү улантуу үчүн келгем». Сирил баса белгилеп мындай деди: «Өкмөт чоң сабырдуулук менен саясий чечим табууга жете алат. Суданга сырттан эч кандай чечим тыгыштырылбайт. Эки тарап тыгыз кызматташуу алкагында күчтүү шериктештик жолун табат» («Sunrise News», 2019.02.18.). Ушулардан көрүнүп тургандай, иш сапар митингдердин келип чыгуусуна түрткү болгон жок. Тескерисинче, бул иш сапар Америка Баширдин өкмөтүн колдоого алып жаткандыгына далалат кылат. Суданга сырттан эч кандай чечим тыгыштырбоо жана Суданды «терроризмди колдоп коргогон» мамлекеттердин тизмесинен чыгаруу үчүн Америка коюп жаткан шарттар аркылуу Америка Судан өкмөтүн колдоого алып жаткандыгына далалат кылат.

4. Ал эми, Америка малайларынын позициясы да митингдерди эмес, өкмөттү колдоого алып жатат. Башкача айтканда, суроодо келгендей эмес, өкмөттү колдоого алып жатат.

Ал төмөнкүчө:

А. Саудия: Саудия Йеменде коалициялык аскерий иш-чара башталгандан бери Судандын айыл чарбасына жаңы инвестицияларды жаткырууну улантууда.

«Саудия 2016-жылы Суданга инвестиция салган эң ири араб өлкөсү болуп калды. Анын инвестициясы 15 миллиард долларды түздү. Бул инвестиция көбүнчө тоют, буудай жана жүгөрү өстүрүү жаатына сарпталды. Ошондой эле, Хартумдун экономикасын колдоого алды» («Халиж Онлайн», 2017.07.17.). Саудиянын элчиси «Саудиянын Суданга салган инвестициясынын чыныгы көлөмү 12 миллиард доллардан ашкандыгын» баса белгиледи. («Portal» сайты, 2018.12.03.). Ошондой эле «Судан биринчи күнү 2018-жылы 7-майда Саудия менен беш жылдык мөөнөтүндө мунай келишимине жетишкендигин билдирди» («Судан Трибунал», 2018.05.07.).

Саудия министирлер делегациясы 2019-жылы 24-январда Хартумга иш сапары менен барышты жана ал жакта Судандын мамбашчысы Башир менен Судандагы кырдаал тууралуу талкуулашты. Саудия соода министири Маджид ал-Касаби басма сөз жыйынында мындай деди: «Саудия делегациясы Судан менен экономикалык алакаларды чыңдоо жана соода алмашууларды көбөйтүү негизинде Малик Салмандын багыттоосу менен барды». Дагы кошумчалап: «Малик Салман Судандын коопсуздугу жана туруктуулугу Саудиянын коопсуздугу жана туруктуулугу болуп саналарын, ошондой эле Судан башка мамлекеттер сыяктуу эле Саудия менен алака кылууга укуктуулугун баса белгиледи», - деди. («Ватан Мисрий», 2019.01.26.).

Ушундан айкын болуп тургандай, Саудия Суданга карата жардам колун үзгөн жок.

Б. Ал эми, Мисрбашка тараптан мамы болду. Башир 2019-жылы 27-январда Мисрге иш сапары менен барды. Сиси аны аэропорттон өзгөчө меймандостук менен тосуп алды. Мындан көрүнүп тургандай, Америка Баширден кол үзүүгө чечим кыла электиги көрүнүп турат. Анткени, эгер андай болбосо Сиси Баширди мындай маанайда тосуп алмак эмес. Себеби, ал Америка малайы. Судандын Мисрдеги элчиси бул иш сапарды баалап мындай деди: «Бул иш сапар өз убагындагы маанилүү иш сапар» («Сабаах Миср», 2019.01.27.). Маалым болгондой, 2018-жылы 25-октябрда Сиси 12 министиринин коштоосу менен Суданга иш сапары менен барып 12 келишимге колгондон кийин 2018-жылы 6-ноябрда Башир Мисрге зыярат кылып Сиси менен жолуккан. Андан кийин каршылык митингдери башталган. Мисрдин ТИМи Самих Шукри жана чалгындоо кызматтынын башчысы менен биргеликте Суданга иш сапары менен барып мамбашчы Башир жана эки кесиптештери менен жолугушкан. Жолугушуудан кийин Саамих Шукри мындай деди: «Судан азыркы кырдаалдын жолун табаарына Миср терең ишенет. Миср ар дайым Суданга көмөкчү болууга даяр.

Судандын коопсуздугу жана туруктуулугу Мисрдин коопсуздугу жана туруктуулугу болуп саналат» («Баваабату Миср», 2018.12.27.). Мындан айкын болуп тургандай, Миср Суданды колдоосун улантып жаткандыгы көрүнүп турат.

Г. Ал эми, жергиликтүү жагынан алып карала турган болсо, Американын жергиликтүү күчүнүн маанилүүсү бул армия. Каршылык митингдери учурунда армия Башир тарабында болуп, анын бийлигин коргоо позициясында болду. Армия өз баянатында мындай деди: «Элдин жана жарандардын коопсуздугун, саламаттыгын, канын, мал-мүлкүн сактоону Армия берилгендик менен аткарат» («Арабия Пост», 2018.12.23.). Судан куралдуу күчтөрүнүн штабынын жетекчиси Камал Абдул-Мааруф генерал жана полковник чининдеги офицерлерге кайрылуусунда мындай деди: «Армия өлкөнү күмөндүү сырткы уюмдардын агенттерине жана сепартисттердин колуна салып бербейт» («Миср арабия», 2019.01.30.). Ушундан маалым болуп тургандай, армия Баширди колдоого алып жатат. Ошондой эле, армия жана коопсуздук күчтөрү башка тармактары да ушундай позицияда турат. Өзгөчө, ыкчам күчтөрдүн жетекчиси Мухамеда Хамдана Дуклу Хамидати анын күчтөрү кандай гана ач көз, кара өзгөй күчтөр болбосун, ага каршы турууга даяр экендигин баса белгиледи («Масиироту Нет», 2018.12.26.). Ошондой эле, Судан коопсуздук чалгындоо кызматтынын мүдүрү Салах Кош парламенттеги кыска билдирүүсүндө мындай деди: «Майданда көптөгөн демилгелер болууда. Бирок, баардыгы билип койо турган нерсе ушул, бул демилгелердин кайсы бири учурдагы мыйзамдуулуктан чыгып кете турган болсо, ага орун жок» («Ал-жазиира нет», 2019.02.21.). Америка 1969-жылдагы Нимейри ыңкылабынан бери Суданда ыңкылап кылууда Судан армиясын колдонууну адат кылып алган.

5. Ал эми, оппозицияга келсек, «Умма» партиясынын лидери Ал-Садик ал-Махди үчүнчү күнү митингчилерди бардык тараптар катыша турган жаңы өкмөттү түзүүгө чакырды. Ал «өлкөдөгү элдик митингди колдой

тургандыгын, бирок анын партиясы буга катышпай тургандыгын» айтты... («Би-Би-Си», 2018.12.22.). Бирок, митинг токтобостон улангандыгын көргөндөн кийин өз тандоосун жарыялады. ««Умма» партиясынын лидери жана «Судан чакырыгы» коалициясынын төрөгасы Ал-Садик ал-Махди бийликти кулатуу үчүн элдик кыймылды колдоорун билдирди. Ошондой эле, мамбашчы Умар Баширди бийликтен кетүү талабын койуудан мурда демонстранттарды өлтүрүүнү токтотууга чакырды» («Судан Трибунал», 2019.01.25.). Башкача айтканда, ал митинг башталгандан бери эки айдан ашык убакыт өткөн соң аны пайдаланып кетүүгө чамына баштады. Маалым болгондой, Ал-Садик ал-Махди Англияга малай. Ал 1986-89-жылдары Судан өкмөт башчылыгын аркалаган. Кийин аны ордунан Башир козгоду. Кийин өкмөткө таандык профсоюз уюму сыяктуу эле Судан кесипкөйлөр биримдигин түздү. Бул кесипкөйлөр биримдигине Махди аркылуу Европа таасир кылды. Махди бул уюмду өкмөт ээлик кылган профсоюз уюмдардын ордун баса тургандай кылууга аракет жасады. Аны сыртан башкаргандар Европада  болушту. «Аны сыртан башкаргандардын ысымдары маалымат каражаттарында да айтылды алар: Мухаммед Асбат Францияда болду, доктор Сара Абделжалил Англияда болду» («Би-Би-Си», 2019.01.24.). Ошондой эле каршылык митингдерине илманий (динсиз) багыттагылар да кошулду жана таасири жок башка кыймылдар да аралашты. Бул чогулуштарга Британия айрыкча Ал-Садик ал-Махди партиясына чоң таасир өткөрдү. Бирок, бул таасир иш жүзүндө өзгөрүү жасоого кудуретсиз. Бирок, митингдин улануусу Англиянын митингден пайдаланып кетүү тажрыйбасына салым кошуп жатат. Ошондуктан, Махдинин партиясы минтингди колдой турган билдирүүнү берүүнү создуктурду, себеби ал Башир митингди алгачкы күндөрү эле токтотуп койот деп ойлогон. Качан митинг токтобостон улана баштаганда ал өз багыттын белгилей баштады! Кийин митинг эки айдан ашыгыраак убакытка созула баштаганда Махдинин да чырпыгы катуулап Баширдин бийликтен кетүүсүн талап кыла баштады. «Махди жаңы системага

өтүү жаатында анын майда баратын талкуу кылуу үчүн оппозиция менен жолугушууга даяр экендигин билдирди» («Спутник», 2019.03.02.). Мына ушундайча бийлик митингди токтотууга кудурети келбей жаткандан пайдаланып британиячылдардын кубаты өсүп жатат. Ошондуктан, Америка муну эске алды. Америка Башир менен биргеликте кандай гана күтүлбөгөн кырдаал болбосун, бул митингдерди жеңип өтүү үчүн өкмөткө шериктеш кээ бир партияларды өкмөттөн чыгарып, кийин аларды оппозиция кылууга келишишти: «Умма партиясынын жетекчиси Мубарак ал-Фадил өкмөт курамынан чыккандыгын жарыялады» («Nileine» сайты, 2018.12.28.). Ошондой эле Гази Салах ад-Дин да чыккандыгын жарыя кылды. «Гази Салах ад-Дин пресс-конференцияда Реформаторлук кыймылы мыйзамчылык межлисинен өзүнүн баардык өкүлдөрүн чакыртып алгандыгын айтты» («Сава» кабар агентиги, 2019.01.01.). Гази Салах Өзгөрүү Улуттук Фронтунун төрөгасы болуп шайланды. «Өзгөрүү Улуттук Фронтунун генералдык ассамблеясы доктор Гази Салах ад-Динди фронттун межлисинин жетекчиси кылып шайлады» («Халиж 365», 2019.02.14.). Буга кошумча митингдин күчөшү жана Европанын андан пайдаланып кетүү үмүтү Баширдин өзгөчө кырдаал абалын киргизүүгө жол ачып берди. Башир 2019-жылы 22-февралда өзгөчө кырдаал абалын киргизди. 2019-жылы 28-февралда Америка менен тыгыз байланышта болгон Миргани партиясы да өкмөт курамынан чыкты. «Мухаммед Усман ал-Миргани жетектеген Демократия юнионисттикалык партиясы төртүнчү күнү Улуттук Конгресс партиясы менен бирге кол койгон баардык макулдашуулар аягына чыккандыгын билдирди» («Айнул Ахбария», 2019.02.28.). Кийин Башир тарабынан жаңы кадамдар ишке салынды. Башир каршылашпаган тараптар менен бейтарап багытта экендигин билдирди. «Судандын мамбашчысы Башир өзүнүн отуз жылдык башкаруусунун натыйжасында келип чыккан оор кризиске чечим таба албай, андан качуу максатында Улуттук Конгресс партиясынын жетекчилигин өзүнүн орун басарына өткөрүп берди». Партия

Баширдин бул чечимине түшүндүрмө берип мындай деди: «Өлкө башчысы баардык саясий күчтөр бирдей баланста болушу үчүн ушундай кадамга барды» («Жакынкы Чыгыш онлайн», 2019.03.01.). Башир бул кадамы менен башкаларды алдагандан мурда өзүн алдап жатат. Ал өлкө башчысы болуп туруп кантип бейтарап болот. Анын партиясы башкаруучу партия? Жада калса, ал партия жетекчилигине башка адамды койгон күндө да бул кагаз түрүндө гана нерсе, андан башка нерсе эмес?!

Митингдерди тынчтандыруу аракеттеринин бардыгы оппозицияга таасир өткөрүү жана митингди жайгаруу болуп саналат. Айрыкча, азыр бийликте оппозицияны жеңип өтүүгө күчү бар. Эгер, бийликтин бул күчү кудуретсиз болсо, анда ал оппозиция жетекчилигин колго алууга же ага таасир өткөрүүгө аракет кылат, анын натыйжасында Американын кожоюндугу өзгөрүүсүз калат.

6. Ал эми, 2017-жылы 22-ноябрда төрт күнкө созулган Баширдин Москвага жасаган иш сапары, башкача айтканда Салливандын Суданга болгон иш сапарынан алты күн өткөндөн кийинки иш сапарына келсек, Башир бул иш сапарын Орусия алдында Америкага наарызылыгын билдирүү үчүн кылган жок. Тескерисинче, бул иш сапарын Америка ыраазылыгы негизинде жасады. Буга далил: «Үчүнчү күнү Судан гезити Хартум менен Вашингтон ортосунда орун алган келишим тууралуу маалымдады. Бул келишим Умар Баширдин Орусияга бара турган учагынын аба жолун камсыздап берүүнүн акысына Судан тарап Америка администрациясы талап кылып жаткан талаштуу мыйзамдарды жокко чыгарууну кабыл алуу зарылдыгын камтыды. Бул келишим Баширдин Москвага биринчи иш сапары башталышына туура келди. «Ал-ракуба» газетасынын маалыматында: «Жон Салливандын Хартумга болгон иш сапарында Америка Суданга сунуштаган диний эркиндик, айрыкча муртад, мурас өкүмдөрүн жана аялдардын адепсиз кийинишине тиешелүү өкүмдөрдү жокко чыгаруу тууралуу сунуштарына Судан макулдук берсе, анын акысына Судан бийлиги Салливандан Баширдин

Москвага бара турган учагы зыянга учурабашы тууралуу кепилдик алды» («Masrawy», 2017.11.22.). Ошондуктан, маселе Америка тараптан чечилбегенде Башир Саудия аба жолдорун пайдалана алмак эмес. Анткени, Саудияга кожоюндук кылган колонизаттор мамлекет анын аба жолдоруна да таасир кылат. Англияга малай падыша Абдулланын учурунда 2013-жылы Британия Баширдин Иранга баруусун каалаган жок, анткени Англия Иран мамбашчысынын инаугурациясына көптөгөн мамлекет жетекчилери барып Ирандын кадыр-баркы көтөрүлүшүн каалаган жок. Ошондукан, Саудия Британия каалоосуна ылайык Баширдин учагына өз аба мейкиндигинен өтүүсүнө уруксат бербеди. «Расмий Судан Судан мамбашчысы Иран мамбашчысынын инаугурациясына катышуу үчүн Тегеранга баруусунда Саудия аба мейкиндиги аркылуу өтүүсүнө Саудия уруксат бербегендиги аны кайра кайтууга мажбур кылгандыгын бидирди» («Франция 24», 2013.08.04.).

7. Жогоруда айтылгандардан айкын болгондой, митингдердин артында Америка турган жок. Британия аны баштаганга кудурети жетпейт. Андай болсо, ал кандайча башталды жана эмнеге тынчыбай уланып жатат?

Буга Жооп төмөнкүдөй. Митинг элдин жашоосундагы кризистин күчөшү себебинен келип чыкты:

А. Башир жана анын айланасындагылар Америка талабын канааттандырып Судандын түштүгүнөн баш тартышса Судан туруктуу, жыргалчылыкта жашайт жана Америка ага карата киргизген санкцияларын алып салат деп ойлошкон. Бирок, мунун тескериси болду. Экономика мурдагысынан да төмөндүккө түшүп кризис күч алды. Кризис 2018-жылдын башынан баштап жана Америка санкцияларды алгандан кийин да күч алды! Өкмөт нандын баасын көтөрдү жана бажылык доллардын баасын үч эсе көтөрдү. Жергиликтүү акча бирдигинин куну түшүп кетти. Анын натыйжасында баалар көтөрүлдү жана мунайдын кризиси да келип чыкты. Нандын баасы асмандап таңсыктык башталды. Нанга кезек күтүүлөр сааттарга созулду жана баасы адамдар көтөрө албай турган деңгээлге жетти.

Инфляция 70%ды түздү, Борбордук банк доллардын курсун туруксуздугун токтотуу максатында башка банктарга доллар бербей калды жана долларды 45,50 фунт стерлинг деңгээлинде кармап туруу үчүн жергиликтүү валютаны 60% төмөндөтүүгө аргасыз болду. Ал дагы төмөндөп 2019-жылы 20-февралда эркин базарда 75 фунт бир долларга барабар болду.

Б. Судан жашоочуларынын жакырчылыгы жогорку чегине жетти. Борбордук статистикалык аппараттын маалыматында көрсөтүлгөндөй «2011-жылы Түштүк Судан бөлүнгөндөн бери биринчи жолу өткөрүлгөн сурамжылоого ылайык калктын үчтөн эки бөлүгү жакырчылыкта күн өткөрөт». Мунун баары Эл аралык Валюта Фонду өз сунуштарын чыгаргандан кийин орун алды. Тагырагы, бул сунуш эмес, тескерисинче Эл аралык Валюта Фонду баардык жерде ишке ашырып келген буйруктарын чыгаргандан кийин ушундай абал пайда болду. Өкмөт экономикалык реформа жасоо жаатында техникалык жактан көмөк көргөзүүсү үчүн Эл аралык Банк менен келишишти, ага ылайык Дүйнөлүк Банк Судан өкмөтүнөн жергиликтүү валютаны өзгөрүлмө курска өткөрүүнү жана отун энергетикасына, электр энергияга, буудайга бөлүнгөн субсидияларды бекер кылууну талап кылды! Бул келишүү 2018-жылы октябрда Индонезияда Дүйнөлүк Банк менен болгон жолугушуу алкагында түзүлгөн. Маалым болгондой, Эл аралык Валюта Фонду Судан өкмөтүнөн 2017-жылы декабрдагы жылдык отчетунда фунтту өзгөрүлмө курска өткөрүүнү талап кылды. Эл аралык Валюта Фонду бул талап экономикалык өсүүнү калыбына салууда сырттан инвестиция тартуу үчүн зарыл экендигин баса белгиледи, ошондой эле 2019-2020-жылдары валюта өзгөрүлмө курска өткөндөн кийин өкмөттөн электр энергияга жана буудайга бөлүнгөн субсидияларды жоюуну талап кылды. Судан өкмөтүнүн бул буйруктарга кулак салуусу калкты жакырчылыкка кептеген экономикалык кризистин келип чыгуусуна алып келди.

В. Мына ушундайча Судандагы кырдаал жарылуу чегинде турган эле, баалардын асмандап көтөрүлүүсү, жакырчылыктын күчөшү, жумушсуздуктун көбөйүшү, байлыктын туура эмес бөлүнүүсү себебинен элдер көчөөгө агылып чыкты. Мунун баары Баширдин капиталисттик бийлиги Эл аралык Валюта Фондунун осуяттарына кулак салып, аны аткаргандыгынын жана Америка кысымдарына моюн сунгандыгынын кесепети болду. Бул бийлик өзгөчө Америкага малай жана анын саясатын ишке ашырат.

Өлкөнүн Түштүгүн бөлүү өлкөдөгү ири кирешелүү мунайдан кол жуугандыкты билдирет. «2011-жылы Судандын Түштүгүн бөлүү кесепетинен Хартум казынага 80% киреше алып келген төртөн үч мунай ресурсунан кол жууду» («Ал-жазиира нет», 2018.12.26.). Анын натыйжасында калктын жакырчылыгы күчөдү... Кийин 2018-жылы 19-декабрда өлкөнүн Түндүк аймагы Нил дарыясы вилаятында жана Атбара шаарында Судан революциясынын учкуну башталды. Кийин ал бүткүл өлкөнүн аймактарына жайылды. Ал дагы эле токтобостон уланып жатат. Анын оту өчпөстөн жалбыртап бир гана талап менен бийликтин кетүүсүн талап кылып жатат.

Мына ушундайча митинг өзү-өзүнөн келип чыкты. Ошондой эле жогоруда баяндалгандай, андан пайдаланып митингди өз нугунан чыгарып жиберүү жана өз максаттарын ишке ашыруу үчүн башка күчтөр да ага кошулду.

8. Сөз акырында бул жерде терең назар сала турган эки нерсе бар:

Биринчиси: Америка өз малайларына биринчи кезекте тапшырган иши – бул Американын кызыкчылыгын ишке ашырып берүү үчүн болгон аракетти жумшоо. Башир бул жаатта болгон күч-аракетин жумшады, ал тургай анын кыянатчылыгы Судандын түштүгүн бөлүп жиберүүгө чейин жетип барды... Азыркы күнгө чейин, жогоруда айтылып өткөндөй, Америка Баширдин бийлигин колдоого алып келет. Бирок, эгер каршылык митингдери токтобостон күчөй берсе, аны жакынкы аралыкта басууга Баширдин

кудурети жетпесе, анда Башир Америка көз алдында кулайт жана Америка кызыкчылыгын ишке ашырып берүүгө алсыз болуп калат. Ошол учурда Америка анын ордун алмаштырууга бел байлайт. Америка өкмөт курамындагы өз адамдарын оппозиция толкуну менен бирге болушу үчүн өкмөттөн чыгарып митингчилердин катарына койду, айрыкча, ага малай Мухамед Усман ал-Миргани жетектеген Демократия партиясын оппозиция катарына кошту. Американын бул кадамдарынын баардыгы ушул жаатка каратылышы толук мүмкүн. Башкача айтканда, Баширдин ордун ээлей турган адамды даярдоо жаатындагы кадамдар. Анткени, Баширдин ордун ээлей турган адам калк тарабынан кабыл алынышы керек. Америка бул ыкманы өз малайлары менен биргеликте иш салат. Амкрика муну Мубаракка да колдонгон. Мубарак митингдерди баса албаганда Америка аны бийликтен кетүүнү буйруду жана аскерий межлисте анын ордун ээлөөсү үчүн Тантавини койду. Бул ыкма Америка адатка айлантып алган ыкма. Америка өз малайын бийликтен кетүүгө буйруштан мурда анын ордун ээлей турган адамга муктаж болууда. Америка ал орун басар бышып жетиле электен мурда анын жүрөгүнө канжар болуп сайыла турган калыс ыкластуулар бийликке келип кала турган өзгөрүү жүз беришинен коркууда. Баширди азыркы учурга чейин кармап турушу ушуга байланыштуу.

Экинчиси: минтингдер учурундагы өлгөндөрдүн каны, жарадар болгондордун аркеттери жана жалпы калктын оор жоготуулары текке кетүү коркунучу бар. Митингдердин акыр аягы бир малайдын ордуна башка малай келип, илманий дастур өзгөрүүсүз калып өлкөнү ичинен жемирген түзүм ошол бойдон сакталып калууга алып барат. Биз мына ушул нерседен эскертебиз, анткени митингдерде азыркы күнгө чейин Исламды кайрадан жашоого кайтара турган, шариятты толук ишке ашыра турган туура жолдогу Халифалыкты тикелөө талабы коюлган жок. Ошол себептен улам, саясий кризис өзгөрбөстөн, а түгүл андан да жаман абалда кала берет.

Экономикалык кризис мындан жаман абалга кептелет. Акыйкатта Аллах Таала айтат:

***«Силерге Мен тараптан хидаят келгенде ким Менин хидаятыма ээрчисе, жолдон адашпайт жана бактысыз болбойт. Ким Менин эскертмемден баш тартса, анда, албетте ал үчүн бактысыз жашоо болот»*** [20:123]

***«Эй акыл ээлери ибрат алгыла»*** [59:2]

**29-жумаадил-аахир, 1440-х.**

**4-март, 2019-ж.**

## Судан майданындагы акыркы кырдаал

**Суроо:** *Суданда кандай окуялар жүз берип жатат? Башир бийликтен кетти. Аны коопсуз жерде деп да жатышат. Ал бийликтен кеткенден бир күн өтүп анын ордуна Бурхан келди. Ыкчам күчтөрүнүн командири Аскерий кеңешке кирбейм деп билдирүү берди. Кийин бир күндөн кийин Аскерий кеңештин орун басары болуп дайындалды. Оппозиция толук түрдө жарандык мыйзам болушун талап кылды. Аскерий кеңеш жарандык өкмөт түзөөрүн, бирок Аскерий кеңештин ыйгарым укугу сакталышы менен болоорун билдирди. Мына ушундай көрүнүштө тараптар бир топ бүдөмүк абалды жаратышты! Болуп жаткан окуялардын акыйкаты кандай? Аллах ыраазы болсун!*

**Жооп:**

1. Бир тууган, эгер сиз биз чыгарган суроо-жоопторго назар салып турсаңыз, сизде бүдөмүктөшкөн нерселер болмок эмес. 2019-жылы 4-мартта, башкача айтканда Башир бийликтен кете электен бир айдан ашыгыраак мурун чыккан суроо-жооптун корутундусунда мындай деген элек:

«Сөз акырында бул жерде терең назар сала турган эки нерсе бар:

Биринчиси: Америка өз малайларына биринчи кезекте тапшырган иши – бул Американын кызыкчылыгын ишке ашырып берүү үчүн болгон аракетти жумшоо. Башир бул жаатта болгон күч-аракетин жумшады, ал тургай анын

кыянатчылыгы Судандын түштүгүн бөлүп жиберүүгө чейин жетип барды... Азыркы күнгө чейин, жогоруда айтылып өткөндөй, Америка Баширдин бийлигин колдоого алып келет. Бирок, эгер каршылык митингдери токтобостон күчөй берсе, аны жакынкы аралыкта басууга Баширдин кудурети жетпесе, анда Башир Америка көз алдында кулайт жана Америка кызыкчылыгын ишке ашырып берүүгө алсыз болуп калат. Ошол учурда Америка анын ордун алмаштырууга бел байлайт. Америка өкмөт курамындагы өз адамдарын оппозиция толкуну менен бирге болушу үчүн өкмөттөн чыгарып митингчилердин катарына койду, айрыкча, ага малай Мухамед Усман ал-Миргани жетектеген Демократия партиясын оппозиция катарына кошту. Американын бул кадамдарынын баардыгы ушул жаатка каратылышы толук мүмкүн. Башкача айтканда, Баширдин ордун ээлей турган адамды даярдоо жаатындагы кадамдар. Анткени, Баширдин ордун ээлей турган адам калк тарабынан кабыл алынышы керек. Америка бул ыкманы өз малайлары менен биргеликте иш салат. Амкрика муну Мубаракка да колдонгон. Мубарак митингдерди баса албаганда Америка аны бийликтен кетүүнү буйруду жана аскерий межлисте анын ордун ээлөөсү үчүн Тантавини койду. Бул ыкма Америка адатка айлантып алган ыкма. Америка өз малайын бийликтен кетүүгө буйруштан мурда анын ордун ээлей турган адамга муктаж болууда. Америка ал орун басар бышып жетиле электен мурда анын жүрөгүнө канжар болуп сайыла турган калыс ыкластуулар бийликке келип кала турган өзгөрүү жүз беришинен коркууда. Баширди азыркы учурга чейин кармап турушу ушуга байланыштуу.

Экинчиси: минтингдер учурундагы өлгөндөрдүн каны, жарадар болгондордун аркеттери жана жалпы калктын оор жоготуулары текке кетүү коркунучу бар. Митингдердин акыр аягы бир малайдын ордуна башка малай келип, илманий дастур өзгөрүүсүз калып өлкөнү ичинен жемирген түзүм ошол бойдон сакталып калууга алып барат. Биз мына ушул нерседен эскертебиз, анткени митингдерде азыркы күнгө чейин Исламды кайрадан

жашоого кайтара турган, шариятты толук ишке ашыра турган туура жолдогу Халифалыкты тикелөө талабы коюлган жок. Ошол себептен улам, саясий кризис өзгөрбөстөн, а түгүл андан да жаман абалда кала берет. Экономикалык кризис мындан жаман абалга кептелет. Акыйкатта Аллах Таала айтат:

***«Силерге Мен тараптан хидаят келгенде ким Менин хидаятыма ээрчисе, жолдон адашпайт жана бактысыз болбойт. Ким Менин эскертмемден баш тартса, анда, албетте ал үчүн бактысыз жашоо болот»*** [20:123]

***«Эй акыл ээлери ибрат алгыла»*** [59:2]» (цитата бүттү).

2. Судандагы окуя, биз айтып өткөн негизде бара жатат. Башир митингдерди токтотууга кудурети жетпеди. Акыбетте, Башир иштен четтежи, басынган жана кордолгон абалда калды! Бейшемби күнү анын ордуна Авад ибн Ауф келди. Жума күнү көчөдөгү эл кабыл албай жатат деген түрдө Авад ибн Ауф да кетти. Кийин анын ордуна Абдул Фаттах Бурхан келди. Башир аны 2018-февралда кургактык күчтөрүнүн штаб жетекчиси кылып дайындаган. Кийин 2019-жылы 26-февралда Башир генерал-лейтенант Абдель-Фаттахтын наамын жана мансабга көтөрүүнү токтом кылды, ошол эле күнү ага биринчи даражадагы командирлик наамын ыйгарды, ошондой эле аны куралдуу күчтөрдүн башкы инспектору кылып дайындады («Явму Судан» сайты, 2019.04.13). Башкача айтканда, Башир аны митингдер учурунда армияга башкы инспектор кылып дайындады! Ал 2019-жылы 12-апрель жума күнү эрте менен митингчилер менен сүйлөшүүлөрдү алып барды. Жума күнү кечинде Ибн Ауфтун билдирүүсүнө ылайык, Бурхан Аскерий кеңештин башчысы болуп калды! Бурхан чыңалууну басаңдатуу максатында кээ бир кадамдарды таштады. «Судан Өткөөл аскердик кеңешинин президенти Абдель-Фаттах Бурхан митингчилерге жагынууга урунуп биринчи билдирүүсүн жарыялады. Ал мамлекеттин эгемендүүлүгүн камсыздай турган Аскерий кеңеш түзүүнү, келерки өткөөл мезгилде өлкөнү

башкара турган жарандык өкмөттү түзүүнү жарыялады о.э. коменданттык саатты жокко чыгарды, камалгандарды эркиндикке чыгаарууну буйруду» («Хартум баян», 2019.04.14.). Кийин ыкчам куралдуу күчтөрдүн башчылыгына Мухаммед Хамдан Даклону жана анын орун басарын дайындады. Таң калычтуусу, Дакло 2019-жылы 11-апрелде Аскерий кеңешке эч качан катышпай тургандыгын билдирген. Кийинки күнү Аскерий кеңештин орун басары болуп келди! Ал мындай билдирүү берди: «Мен ыкчам куралдуу күчтөрүнүн жетекчиси катары жалпы Судан элинен 2019-жылы 11-апрелде Аскерий кеңешке катышкандыгым үчүн кечирим суроону туура көрдүм. Биз куралдуу күчтөрдүн бир бөлүгү болуп кала беребиз жана өлкөнүн бүтүндүгү, Судан элин коргоо, адамдардын укуктары сакталышы үчүн аракет алып барабыз» («RT», 2019.04.12). Бирок, кийинки күнү эле Дакло Аскерий кеңештин орун басары болуп дайындалды! «Ишемби күнү кечинде Судан Өткөөл аскерий кеңеши Мухаммад Хамдан Даклону Өткөөл аскерий кеңештин орун басары кылып дайындады» («Observatory Sunday», 2019.04.14). Маалым болгондой, бул адам Башир бийлигиндеги көрүнүктүү адамдардын бири болгон. Көрүнүп тургандай, жаңы келген бийликтин да көрүнүктүүлөрүнүн бири болуп калды. Ал дайындалганына бир күн болбой жатып Америка элчилигинин убактылуу ишенимдүү өкүл менен жакшы маанайда жолугушту. «Өткөөл аскерий кеңештин орун басары Мухаммад Хамдан Дакло дем алыш күнү президенттик сарайда Американын Хартумдагы элчилигинин убактылуу ишенимдүү өкүлү Стивен Кутсис менен жолугушту. Судан маалымат агенттиги «Суна» маалыматына ылайык, Дакло Америка дипломатына «өлкөдөгү кырдаал, Өткөөл аскерий кеңештин түзүлүшүнүн себебтери жана Суданда коопсуздук, туруктуулукту камсыз кылуу жаатында таштала турган кадамдар тууралуу маалымат берди». Ушул эле маалымат булагынын кабарына ылайык, Америка элчилигинин убактылуу ишенимдүү өкүлү Аскерий кеңештин туруктуулукту камсыздоодогу ролун кубаттады жана Судан-Америка алакаларын бекемдей

турган эки тараптуу кызматташууларды улантуу зарылдыгын баса белгиледи» («24» сайты, 2019.04.14).

3. Абалдын туруктaшына салым кошуу максатында Америка санцияларды алып салуу мүмкүндүгүнө ишаара кылды. Америка мамдепартаментинин жооптуусу: «Америка, эгер Судандагы жаңы өкмөт терроризмди колдобоо жаатында ачык-айкын иштерди кылса, Суданды терроризмди колдоп-кубаттоочу өлкөлөрдүн тизмесинен чыгарып салуу жолдорун караштырат», - деген билдирүү берди («Аль-Баян» сайты, «Reuters» агентигинен алып берген маалыматы, 2019.04.17).

Ушундан кийин аймактагы Американ малайлары жаңы бийликти колдоолорун туш туштан жаадыра башташты:

«Сиси Судандагы Аскерий кеңештин башчысы менен байланышты, Миср мамбашчысы Судандагы Өткөөл аскерий кеңештин башчысы биринчи командир Абдул Фаттах Аль-Бурханга Миср Судандын коопсуздугу жана туруктуулугу үчүн толук түрдө жардам берерин баса белгиледи» («Ахбаарул Аалам арабий», 2019.04.16).

- ««Явму Саабиг» маалымат агенттигинин кабарында айтылышынча, 2019-жылы 17-апрелде Мисрдин жогорку даражалуу делегациясы Судан элинин тандоолорун колдоо максатында Хартумга зыярат кылды, жогору даражалуу Миср делегациясы Миср Суданды толук колдоого алаарын тастыктады» («Явму Саабиг», 2019.04.17).

- «Саудия министрлер кеңеши шейшемби күнү Судан эли өзүнүн келечегин тандагандыгын жана Өткөөл аскерий кеңешти кабыл алгандыктарын колдоорун билдирди» («SPA» Саудия агенттигинин маалыматына таянуу менен «Ватан» сайты, 2019.04.16).

4. Америка саясаты ар бир акыл эстүү адамга да айкын болуп калды. Ал армиядагы адамдарына таянып, алардан өз кызыкчылыгына кызмат кылып берүүсүн жана кырдаалды колго алууларын талап кылып жатат. Эгер, кудуреттери жетпесе, аларды четке ыргытып, армиядагы башка

адамдарын алып келүүдө. Армияда ыкластуу мусулмандар көп болушуна карабастан, Америка армия арасынан динине жана Үммөтүнө кыянат кыла турган адамдардын өзүнө азгырып алууда. Алар Америка аларды жарандык бийлик аркылуу өз кызыкчылыгына кызмат кылдырып, качан кызмат кылууга кудуреттери жетпей калганда аларды жолдо калтырып, армиядагы башка адамдарын бийликке алып келип жаткан кылыгына назар салып карашкан жок. Америка мындай кылыгын Мисрде кылды. Мубарак митингдерди баса албай кудуретсиз болуп калганда, аны ыргытып анын ордуна Аскерий кеңешке Тантавини алып келди. Жарандык өкмөт Аскерий кеңештин көзөмөлүндө калды. Кийин армиядагы Америка адамы болгон Сиси кайтып келди. Башкача айтканда, армия бийликке кайрадан кайтып келди. Америка буга окшогон кылыгын Суданда кылды. 1985-жылы Нимейри митингдерди баса албай кудуретсиз болуп калганда, Америка аны четке ыргытып Дахабды алып келди жана ал жарандык өкмөттү армия көзөмөлүнө киргизди. Кийин армиядагы Америка адамы Башир кайтып келди. Башкача айтканда, армия кайрадан бийликке келди.

Азыр болсо Башир митингдер каршысында кудуретсиз болуп калды жана Америка аны четке ыргытты. Кийин Бурханды Аскерий кеңештин башчысы жана Даклону анын оорун басар кылды. Бурхан жарандык өкмөт түзө тургандыгын, бирок ал армиянын көзөмөлүндө боло тургандыгын билдирди. Кийин кандайдыр бир убакытка чейин жарандык коом буга катышат, кийин болсо кырдаал мурдагы абалына кайтат.

Мындай саясат дээрлик Батыш малайларына карата адатка айланган саясат болуп калды. Бирок, Батыш, айрыкча Британия мындан мыйзамдуу түрдө чыгууга аракет кылып жатса, Америка мыйзамдуу түрдө чыгууга камтама да болгон жок.

5. Оппозицияга көптөгөн тараптардын катышып аралашып кеткенине карабастан, Британия таасири көңүл бурарлык бар, айрыкча профсоюздук уюмдарда жаны Садик аль-Махди партиясында күчтүү. Бирок,

алар жарандык өкмөттүн курамына киргендиктерине карабастан, таасирлери чектелүү. Анткени, жарандык өкмөт америкачыл адамдар жетектеген армиянын көзөмөлү астында турганда алардын таасири чектелүү боюнча кала берет. Биз жогоруда айтып өткөндөй, Америка бул саясатын мусулман өлкөлөрүнө карата ишке ашырып адатанып калган. Америка үчүн тынч шайлоолорду өткөрүү негизги орунда эмес. Анткени, анын жыйынтыгы анын кызыкчылыгы үчүн болбой калышы мүмкүн. Ал мусулман армиясындагы динине, Үммөтүнө кыянат кылууну кабыл алган адамдарды өзүнө малай кылып, өз кызыкчылыгына кызмат кылып берүүлөрүн талап кылат. Качан алар Америка кызыкчылыгы үчүн кызмат кылуу кудуретинен ажырап калышканда  басынган жана кордолгон абалда четке ыргытылат. Алар Үммөткө кыянаттык кылып, акыреттерин жок кылгандан кийин Америка аларды четке ыргытып дүнүйөлөрүнөн да кур жалак калышат.

6. Бирок, өкүнүчтүүсү бул армиядагы динине, Үммөтүнө кыянаттык кылбаган көптөгөн адамдар бар туруп, алар армияда азчылыкты түзгөн жана адашкан америкачыл адамдарды өз абалына таштап коюулары. Алар кантип аларга Америка менен бирге жүрүүлөрүнө жана бузгунчулукту кылуулары мүмкүнчүлүк берип жатышат?! Алардын Аллахка жана динге нусрат берип, эки дүйнө бактысына ээ болуу мүмкүнчүлүгү бар. Эгер, алар Аллахты зикр кылып, Ага нусрат беришсе, Аллах да аларды зикр кылып, аларга нусраттын берип, ансарлар сыяктуу боло алышат. Алардын мыктысы Саъд бин Муаз каза болгондо анын жаназасына жетимиш миң периште катышты. Анын каза болгондугу үчүн арш титиреди. Ушунун баары алардын Аллахтын динине нусрат бергендигинен болду. Ушул сыяктуу, эй армиядагы ыкластуу чынчыл жоокерлер, эки дүйнө бактысы үчүн Аллахтын динине нусрат бергиле. Бул улуу жеңиш!!! Ал эми, динине, Үммөтүнө кыянаттык кылып кафирлердин ана баштары Америкага, Британияга жардам берип жаткандардын акыреттерин, балким дүйнөлөрүн да жок кылып жатышат. Ошондой эле качан алар өз ролдорун аткарып бүткөндөн кийин кереги жок буюмдай

басынган жана кордолгон абалда четке ыргытылышат. Алар өздөрүнөн мурункулар сыяктуу акыретинен же дүйнөсүнөн жок, эч бир жакшылыкка жете албай кур жалак калышууда. Алар өкүнө турган учур өтүп кеткенден кийин өкүнүп жатышат. Эгер, алар акыл жүргүзүшсө өз иш-амалдарын идирек кылышар эле? Аллах Таала айтат: ***«****(Албетте)* ***бул*** *(айтылып өткөн)* ***нерселелерде кимде өзү күбө болуп туя турган жүрөк, уга турган кулак*** *(болсо)* ***эскертме үлгү бар»*** [50:37]

**11-шаъбан, 1440-х.**

**17-апрель, 2019-ж.**

## Судан майданындагы акыркы кырдаал

**Суроо:** *Фаиз Сараж менен Хафтардын ортосундагы согуш тынчтана түшкөнүнө карабастан, Хафтар Ливиянын батышына кокустан чабуул кылды жана аны улантып жатат. Бул нерсеге эмне түрткү болду, айрыкча Ливия батышындагы Сараж өкмөтү эл аралык жактан тан алынган өкмөт болуп саналса? Бул чабуулдан эмне жыйынтык күтүүгө болот? Аллах ыраазы болсун!*

**Жооп:**

1. Мунун Жоопун 2019-жылы 20-февралда чыккан суроо-Жоопдогу нерселерден түшүнсө болот. Башкача айтканда, Хафтар чабуулду баштай электен 40 күн мурда Ливияда жүрүп жаткан окуяларды кенен түшүнүктүү айтып өткөнбүз. Анда айтылган нерселердин айрымдарын көрсөтүп өтөмүн:

«Биринчиден, Америка малайы Хафтар Бенгази шаарын көзөмөлдөп баштагандан бери Ливиянын чыгышын көзөмөлдөй баштады. Хафтар 2018-жылдын жарымында Дерна шаарындагы жаңжалды өз кызыкчылыгы тарапка оодура алгандан кийин Ливиянын чыгышын толук түрдө өз чеңгээлине алды. Салгылашуунун ай мунай аймагына көчүшү менен Триполиде Хафтар жеткечилигиндеги Америка малайлары менен Сараждын жетекчилигиндеги Европа малайлары ортосунда күрөш оту алоолонду. Хафтардын ай мунай аймагын көзөмөл кылууга мүмкүндүк табышы Сараж өкмөтүнө карата

аскерий жактан басымдуу болуп калышына өбөлгө жаратты. Бирок, Америка малайы Сиси тарабынан колдоого алынып жаткан аскерий кубат Ливиянын батышын колго алууга толук шарт жарата алган жок. Ливиянын батышында Хафтарга каршы европалыктар тоскоолдук жаратып жатышат. Ошондой эле европалыктар Ливияга кошуна жайгашкан европачыл Алжир аркылуу да тоскоолдук жаратышууда. Хафтар Алжирдин кийлигишүүсүнөн чочулап жатканы жашыруун эмес, бул нерсе ачык түрдө эле Хафтардын билдирүүлөрүндө көрүнүп турат. Ливиянын ТИМи Тахир Сиала Хафтардын опузага алган билдирүүсүнө ишаара кылып, аны «жоопкерчиликсиз билдирүү» катары баалады. Хафтар ал билдирүүдө: «Ливия согушун Алжирге өткөрүп жиберүү көз ачып жумганча», - деген. Хафтар дагы: «Алжир Ливиядагы коопсуздук кырдаалынан пайдаланууда», «Алжир аскерлери Ливия чек арасынан өтүштү», - деген билдирүүлөрдү берген. («France 24», 2018.09.10).

Экинчиден, Америка малайы Сиси жетектеген Миср Америка малайы Хафтарды колдоп жатат. Анын колдоосу менен Хафтар Ливиянын чыгышын жана ай мунай аймагын ээледи. Анын каршысында Европа колдоп жаткан Сараж өкмөтү турат жана аны географиялык жактан кошуна жайгашкан Алжир коргоого даяр. Бул карама-каршы турган эки вакыйлык Ливияда – Американын эбегейсиз колдоосу менен Хафтардын аскерий жактан ташы оор келгенине карабастан – тең салмактуулукту жаратты. Башкача айтканда, Америка Хафтардын тараза ташы оор келип сүйлөшүүлөргө катышуусун каалап жатат. Бирок, саясий таасир тарабынан карала турган болсо, анда Сараждын тараза ташы оордук кылат. Европа таасири Саражга Триполини көзөмөл кылышын кепилдеп берди. Триполиде европачыл саясий чөйрө өкүмдарлык кылат, ошондуктан Хафтар борбор калааны колго ала алган жок жана Сараж өкмөтү менен тең тайлаш алгылыктуу сүйлөшүүлөр эшигин ача алган жок. Ливиядагы бул эки тарап күрөштө мындай оор кырдаалга түшүп калуулары эки тараптын бирөөсү тизгинди колго алып кетишине шарт

жаратпады жана катыган абалды пайда кылды. Ошондуктан, Европа таасирине караганда Америка таасири күчтүү саналып, анын натыйжасында Америка чечими алга сунушталышы үчүн Хафтардын аскерий жактан көзөмөл кылуу аймагын дагы да көбөйтүү максатында салгылашуу Ливиянын түштүгүнө көчүп өттү. Иш ушундайча уланды. «Ливия Улуттук армия басма сөз катчысы: «Үчүнчү күнү Хафтар жетектеген күчтөр өлкөнүн түштүгүн куралдуу жамааттардан «тазалоо» астында кеңири көлөмдөгү аскерий амалияттарды баштады» , - деп билдирди» («France 24», 2019.01.17)

Корутундулап айтканда, Хафтар Америка, айрыкча Миср тараптан колдоого алынуусу Ливияны эки жаатка бөлүп салды. Хафтар Ливиянын чыгышын жана Ливиянын экономикасынын тиреги болгон ай мунай аймагын толук колуна алды. Ошондой эле, Ливиянын батышына да кирип бара баштады. Дагы экономикалык жана аскерий жактан көзөмөлдөөнү күчөтүү максатында Ливиянын түштүгүндө да аскерий амалияттарды ишке ашыра баштады. Европалыктар Алжир да Ливиянын тагдырына түшүп калышынан чочуп Сараждын өкмөтүн катуу колдоого алуусу менен Ливиянын батышына Хафтардын кирип барышы кыйындап катып калган абал жаралган соң Америка Хафтарды башка максатты ишке ашыруу үчүн Ливиянын түштүгүнө шыкактады. Аны менен миграция агымынын күчөттү аркылуу Европа мамлекеттеринин жүгүн оорлотууну максат кылды. Дагы бир тараптан Франциянын таасирине сокку берүүнү коңшу мамлекет Чаддан баштады...» (цитата бүттү).

Көрүнүп тургандай, Хафтар Алжирдеги окуяларда Алжир армиясы алек болуп турган кырдаалдан пайдаланып Ливиянын батышына сокку урду. Чабуулду 2019-жылы 4-апрелде  башатады. Башкача айтканда, Бутефлика бийликтен кеткенден эки күндөн кийин! Ушул нерсе Хафтардын Триполиге карай жүрүш жасап алга жылуусуна мүмкүнчүлүк жаратты.

2. Ал эми, бул чабуулдан күтүлө турган натыйжага келсек, Хафтар Триполини  эки себептин негизинде ала албайт:

Биринчиден, Хафтардын каршысында Европа жана Алжир турат. Алжир болсо өзүнүн ички кырдаалы менен алек. Ал эми, Европа саясий жактан кысым кылууга али да болсо кудуреттүү. «ЕБдин тышкы саясат боюнча жооптуусу Федерика Могерини дүйшөмбү күнү Ливияда гуманитардык мүмкүнчүлүк берүүгө жана сүйлөшүүлөрдү өткөрүүгө чакырды» («Sky News», 2019.04.08). Ошондой эле Британия Коопсуздук Кеңешине согушту токтотуу тууралуу долбоор сунуштады:

«Ливиянын чыгышында күчтүү лидер катары саналган Хафтардын күчтөрү Триполлиге каршы аскерий иш-чараларды баштагандан кийин Британия БУУнун Коопсуздук Кеңешине Ливияда тез арада согушту токтотууга чакырган долбоор сунуштады. «Франц-пресс» кабар агентиги долбоордун көчүрмөсүн ачыктаганына ылайык, долбоордо мындай делген: «Хафтар жетектеген Ливия Улуттук армиясынын Триполиге чабуул жасоосу БУУ алып барган Ливия кризисин чечүүгө болгон сүйлөшүүлөргө тоскоолдук жаратат жана Ливияда башаламандыкты келтирип чыгат»» («AFP», 2019.04.16). Европа колунан келишинче Хафтардын алга жылуусун токтотууга аракет кылат. Эгер, абал талап кылса аскерий жактан да кийлигишүүнү ишке салуусу күтүлөт. «Ливия Улуттук армиясынын басма сөз катчысы Ахмад Масмаари Ливия аймактарын айланып учкан Сараж өкмөтүнө таандык күчтөрдүн учактарын чет элдик учкучтар башкарып жаткандыгын билдирди» («Аларабия нет», 2019.04.13). Ошондой эле ЕБдин тышкы иштер боюнча жооптуусу Федерика Могерини шейшемби күнү ЕБдеги өлкөлөрдү Ливиядагы мунай жана курал-жарак контрабандасына каршы күрөшкөн «София» операциясын жандандыруу үчүн аскерий кемелерди Жер ортолук деңизине жөнөтүүгө чакырды. Ал кошумчалап: «Маршал Хафтар Триполиге каршы баштаган чабуулдар Ливияда колдонулбай турган куралдар жаатында чыр-чатакка айланып кетиши толук ыктымал», - деди («Мадина» сайты, 2019.04.17). Федерика Могерини мунай жана курал-жарак контрабандасына каршы күрөшүү үчүн аскерий кемелерди

Жер ортолук денизине кайтаруу талабын койуп, Хафтардын Триполиге чабуул жасаганын да кошуп кетти! Ошондуктан, бул аскерий кемелер мунай жана курал-жарак контрабандасына каршы күрөшүү шылтоосу менен Хафтардын чабуулуна да каршы пайдаланылышы чындыктан алыс эмес.

Экинчиден, Америка Хафтарды колдоого алып жатат, айрыкча Миср аркылуу. Америка Европа Ливия үчүн канчалык деңгээлде камтама болоорун да жакшы билет. Европа Хафтардын соккуларына улам Ливияны колунан чыгарып жибербөө үчүн бар күчүн жумшайт. Башкача айтканда, үйдөгү олжосуна ыраазы болуп отуруп калгысы келбейт. Америка Европа Ливияны толук түрдө колунан чыгарып жибербөө үчүн каттуу каршылык көргөзөөрүн билет. Ошондуктан, Америка ар түрдүү ыкмалар менен сүйлөшүүлөр аркылуу чечимге жетүүгө чакыра баштады. «Американын Ливиядагы элчиси дүйшөмбү күнү жарыялаган билдирүүсүндө мындай деди: «Ливия күрөшүндө аскерий чечимге орун жок». Ал Твиттердеги расмий баракчасына дагы баса белгилеп: «Өлкөнү бириктире турган жана жалпы ливиялыктарды коопсуз, туруктуу өнүгүүгө алып бара турган долбоорду ишке ашыруунун бирден-бир жолу – бул саясий чечим» («Спутиник арабий», 2019.04.08). Бирок, Америка Хафтар сүйлөшүүлөрдө күчтүү тарап болуусу үчүн анын кадыр-баркы көтөрүлүп, тараза ташы оор болуп көбүрөөк аймактарга көзөмөл кылышы үчүн сүйлөшүүнү создуктурууда. Анын натыйжасында, сүйлөшүүлөрдө Америка Европага караганда арстан үлүшүнө ээлик кылып калууну максат кылды. Айрыкча, Британияга салыштырмалуу, анткени Ливиядагы саясий чөйрө британиячылдардан турат. Ушуга негизделип, Хафтар Триполини жана ага жандаш жайгашкан аймактарды толук көзөмөлгө алышы токтотулушу жана сүйлөшүүлөр жанданып, анда Хафтар негизги борбор күч катары саналышы күтүлөт. Мына ушул нерсе Америка планынан көрүнүп жатат. Эгер, Алжир өз ичиндеги көйгөйдү тез арада чечип, Алжир армиясы Хафтарга түздөн-түз коркунуч жарата турган

болсо, анда бул план ийгиликсиз аяктайт. Эгер, Алжирдеги болуп жаткан окуялар тез чечимге жетпесе, анда чечимге жетүү убакытты талап кылат.

3. Мына ушундайча Сараж өкмөтү жана Хафтар армиясы ортосунда мусулмандар кыргын болуп жатышат. Мусулмандар Аллахтын динин улуу кылуу, Аллахтын пенделерин ойготуу үчүн эмес, тескерисинче Америка жана Европанын кызыкчылыгы үчүн кыргын болушууда. Алар кафирлердин кызыкчылыгын аткарып бүтүшкөндөн кийин кафирлер аларды четке ыргытышат. Колонизаттор кафирлер өз малайларына ушундай мамиле жасашат. Алар акыретин жана бул дүйнөсүн да ойлобостон, кафирлердин кызыкчылыгы үчүн аракет кылышууда. Улуу Аллах эң туура айтты:

***«Ким бул дүйнөдө көр болсо, акыретте да көр болот жана эң жаман адашкан жолдо болот»*** [17:72]

**Судандагы Америка менен Европа ортосундагы күрөш**

**Суроо:** *Европа жооптууларынын Суданга болгон сапарлары арты-артынан чууруй баштаганы көзгө урунду, ошондой эле, Хамдук өкмөтүн колдогон билдирүүлөрү да чыга баштады. Франциянын ТИМи 2019-жылы 16-сентябрда Хартумга келди жана Судандын өкмөт башы Хамдук менен жолугушту, суданга 60 миллион евро бере тургандыгын, ошондой эле, Суданды террористерди колдогон мамлекеттердин тизмесинен чыгаруу үчүн иш алып бара тургандыгы билдирди. Ошону менен катар эле, Германия ТИМи Хартумга келип ушул сыяктуу билдирүү берди… Бул колдоп-кубаттоо таризиндеги мамилелер эркиндикти чыңдоого жана армия жаатында өзгөрүүлөрдү ишке ашырууга каратылганбы же башка нерсе үчүн кылынып жатабы? Ошондой эле, Судандын өкмөт башы Хамдук 2019-жылы 5-сентябрда Башир бийликтен кеткенден берки биринчи өкмөттү түзө тургандыгын жарыялады. «Өкмөт өткөн айдагы аскерийлер менен жарандык коом ортосунда үч жылдык мөөнөттө бийликти бөлүштүрүү негизинде түзүлгөн*

*келишимге ылайык иш алып барат». («Франс 24», 05.09.19). Бийликти бөлүштүрүү келишиминен кийин туруктуулук орун алабы же кайрадан чыңалуу жүз береби?*

**Жооп:** Жооп ачык-айкын болушу үчүн төмөнкү нерселерге токтолуп өтөбүз:

1. Британия жана анын аймактагы малайлары, маалымат каражаттары тарабынан колдоого алынып жаткан «Эркиндик жана өзгөрүү үчүн» күчтөрү зулумга, ачкачылыкка жана жем кордукка каршы күрөшүү үчүн көтөрүлүп чыккан карапайым элдин козголоңун өз тарабына оодарып алды. Алар бул оор кырдаалды түп тамырынан өзгөртүүгө эч бир орун калтырышкан жок, балким, алар бул бузгунчу түзүмдү ушул эле түзүм менен оңдоону сунуштап жатышат. Америка тарабынан колдоого алынган Аскерий Кеңеш менен Европа тарабынан колдоого алынган «Эркиндик жана өзгөрүү үчүн» кыймылы ортосунда сүйлөшүүлөр жүрө баштады. Кийин ал экөөнүн ортосунда 2019-жылы 17-августта конституциялык документ жаатында келишим түзүлдү. Ушундай көрүнүштө элдин зулумга каршы көтөрүлүп чыккан курбанчылыгы асманга сапырылып жок болду. Келишим Исламга каршы батышчыл светтик түзүмдүн негизиндеги коррупциялык көрүнүштүн уландысы болуп калды. Келишим Аскерий Кеңеш менен «Эркиндик жана өзгөрүү үчүн» кыймылы ортосунда эки тараптан 5+5 адам жана жарандык коомдон бир адам кошула турган 11 адамдан турган көз карандысыз межлис түзүүнү камтыды. Бул келишим өткөөл 39 ай мөөнөт иштейт. Ошондой эле, келишимдин негизинде Аскерий Кеңеш бул мөөнөттүн 21 айында башчылык кылат, калган 18 ай аралыгында «Эркиндик жана өзгөрүү үчүн» күчтөрү жетекчилик кылат. Өткөөл учурунун артынан эле жалпы шайлоолор өтөт жана мыйзамылык межлиси негизделет. Келишим эки министрлик: коргоо жана ички иштер министрликтерине көз карандысыз межлисте аскерий бөлүк ыйгарым укуктарын тандоо ыктыяры калтырылганын камтыган. Башкача айтканда, бул аскерий бөлүк армиянын, коопсуздук жана чалгындоо

кызматтарынын ортомчулугу менен биринчи этапта көз карандысыз межлисти жетектөө аркылуу көзөмөл кылууну сактап калат.

2. Ушундай көрүнүштө армия бийликте таасирдүү күчтүү ыйгарым укуктарды камтып алды. Межлисте беш адам армиядан, кийин министирлер межлисинде экөө (коргоо жана ички иштер министирликтери). Анын бирөө азыркы убактагы куралдуу күчтөрдөгү эң кары офицер катары саналган өткөөл өкмөттөгү коргоо министири генерал Жамалдин Умар. Бул генерал мурунку коргоо министири Авад бин Ауфтун жакын санаалаш досу болгон. Бул экөө узак жылдар бою чалгын кызматтында бирге иштешкен. Аскерий академиядагы Фаттах Бурхан анын кесиптеш досу саналат. Жалпы чалгындоо кызматынын мүдүрү Абу Бакр Думлаб жана Умар Зайн Абидин да анын жакын санаалаштары катары саналат... Бул дегени, мурунку эле түзүм өткөөл өкмөттө күчтүү көрүнүштө сакталып калгандыгын билдирет. Бул эскиден калган калдык Европа (Британия) малайы катары саналган жарандык өкмөт өз максаттарын ишке ашырышына көптөгөн тоскоолдуктарды жаратат. Мына ушундайча, америкачыл күчтөрдүн тараза ташы оор болуп кала берди.

3. Британиядагы Манчестер университетинде экономика илими боюнча докторлукка жана магистратура күбөлүгүнө ээ болгон Абдуллах Хамдук 2019-жылы 20-августта «Эркиндик жана өзгөрүү үчүн» күчтөрү тарабынан сунушталып өкмөт башчылыгына келди. Ошондой эле, министирлер кеңешине таасирдүү аткаруу ыйгарым укуктары да берилди. Кийин Хамдук 2019-жылы 5-сентябрда 39 ай аралыгында иштөөсү бекитилип жаткан өткөөл өкмөттү түзүүнү жарыя кылды. Ушундай көрүнүштө өкмөт башчылыгына британиячыл жана европачыл адам дайындалды. Бул Европа кызыкчылыгына ылайык иштерди алып барат. Ага карама-каршы түрдө, көз карандысыз межлис, армия жетекчиси Абдул Фаттах, анын орун басары, ыкчам күчтөр отрядынын жетекчиси Мухаммад бин Хамдан Даклу жана алар менен бирге аскер жаатындагы америкачыл адамдар Америка кызыкчылыгына ылайык иштерди алып барышат.

4. Судандагы бийлик конституциялык документтин негизинде кызыкчылыктары ар түрдүү болгон сырткы күчтөрдүн таасири астында калган эки топко бөлүнүп калды. Мунун кесепети Судан элинин коопсуздугуна тескери таасирин берип, элдин көйгөйү чечилбестен, сыртта калып, бийликтеги эки топ өз кожоюндарын ыраазы кылуу жаатында иш алып барат. Соңунда эки топтун бирөөсү ички жана тышкы каражаттар аркылуу тизгинди колго алып, экинчи тарабын сүрүп салуу аракеттин көрөт. Маалым болгондой, Суданда бул сыяктуу межлистерди түзүүнүн узун таарыхы бар. Бул межлис бир гана өткөөл учур жана кризистер учурунда түзүлүп келген. Бул межлисти түзүүнүн максаты – армия мамлекеттин иштерин тартиптештирип тартиптештирип алгандан кийин межлисти таркатат жана мамлекет башчылыгына армиядан бир офицерди алып келип койот, ошону менен иш аягына чыгат. Мындай көрүнүш 1956-жылы 1-январда «көз карадысыз» Судандын бийлигин колуна алгандан, 1955-жылы 26-декабрда биринчи түзүлгөн көз карандысыз межлистен бери ачык-айкын көрүнүп турат. Бул межлис 1958-жылы 17-ноябрда командир Иброхим Абуд аны таркатканга чейин өз ишин аткарды... Кийин 1969-жылы Нимейри ыңкылабы болду. Кийин 1989-жылы июнде Умар Баширдин ыңкылабы болду. Кийин Башир да бийликтен кулатылып, кайрадан көз карандысыз межлис түзүлдү... Бул межлис ар дайым Америка менен Британия күрөшүнүн алкагында түзүлүп келген. Бул экөөнүн ар бири өз алдынча өкмөт түзүүгө аракет кылышат. Экөөсүнүн бирөөсүнүн алы келбей калган учурда, аны экинчиси – мурдагыдай эле – майдандан четтетет. Британиячыл Садик Махдий өкмөт башчылыгына келгенде Америка тынчып турду. Анткени, элдин толкундоолорун тынчытуу жана өз кызыкчылыгына оодарып алуу керек эле. Качан Америка армияда өз кишилерин тартиптештирип алгандан кийин 1989-жылы Башир ыңкылап кылды. Башир элдин толкундоолорун баса албай калган учурда, аны мурдагылар (Нимейри, Мубарак ж.б.) сыяктуу эле, алардын кылган кызматын бир тыйынга татыбай бийликтен алып

ыргытты! Баширден кийин кайрадан аскерий межлис келди... Азыр болсо, көз карандысыз межлис оюну кайрадан башталды. Армиядагы америкачыл жетекчилер элдик толкундоолорду өз кызыкчылыгына тартып алган «Эркиндик жана өзгөрүү үчүн» күчтөрүндөгү британиячыл адамдар менен келишим кылууга мажбур болушту. Муну менен элдин ачуусун басат. Алар «Эркиндик жана өзгөрүү үчүн» күчтөрү бийликке шериктеш болуусуна макул болушту. Бирок, бул жолу мурдагыдай эмес. Армия Садик Махдий учурундагыдай, бийликти толук берген жок. Балким, көз карандысыз межлисин жетектеп, өкмөттөгү кээ бир манилүү орундарды ээледи. Ал тургай, британиячыл өкмөткө таасирдүү ыйгарым укуктарды күчтөп берген күндө да, өлкөнү башкара турган көз карандысыз межлистин жарымы армия жетекчилеринен түзүлгөн жана аны 21 ай аралыгында Бурхан жетектейт. Аскерий бийликтин көзөмөлү сакталып калышынын кепилдиги үчүн коргоо жана ички иштер министирлигинин аскерий бөлүк ыйгарым укуктарын тандоо ыктыяры толук ишке ашкан.

5. Америка менен Британия бирге чогуу тынч кадам шилтей албашы күтүлөт. Алардын кызыкчылыктары ар башка, ошондуктан, жеригиликтүү алардын талабын талашкандар да алдардын кызыкчылыктары аркасынан жүрөт жана бири-бирин жок кылуу аракетин кылышат. Жүз берип жаткан окуяларга назар салынса, жергиликтүү жана сырткы, айрыкча, Америка, Европа билдирүүлөрүнө тыкыр назар салынса, эки тарап бири-бирин бийликтен четтетүүгө аракет кылып жаткандыктары ачык-айкын көрүнөт. Ал төмөнкүчө:

Ал эми, аскерий тарап өкмөткө кысым кылууда экономикалык тарапты колдонот. Элдин Баширге каршы толкундоосу экономикалык начар абалдан келип чыккан. Азыркы өкмөт болсо элге экономикалык абалды жакшыртуу тууралуу убадаларды берген. Эгер, ал бул жаатта ийгиликсиздикке учураса, элдер кайрадан толкуйт, армияга «Эркиндик жана өзгөрүү үчүн» күчтөрүн бийликтен кетирүүгө ыңгайлуу учур жаралат. Башкача айтканда, Судандан

Европа таасирин сүрүп чыгарууга ыңгайлуу шарт жаралат. Экономиканы жолго койуу фокторлору Американын колунда, ал төмөнкүдөй:

А. Хамдук Германия ТИМи менен бирге берген пресс-конференцияда мындай деди: «Судан экономикасынын көйгөйү өтө үлкөн көйгөй. Инфляция көйгөйү – улуттук валютаны калыбына келтирүү жана банк түзүмү ишенимин кайра кайтаруу көйгөйү»; «Эгер, Вашингтон менен Суданды террористик тизмеден чыгаруу жаатында өз ара түшүнүшүүлөргө жетишилбесе, анда, кыйынчылык кала берет». («Анадолу», 03.09.19). Хамдук мындай деди: «Мурунку бийликтин тоскоолдуктарын жок кылгандан кийинки эле биринчи маселе – бул Америка менен биздин алакаларды өз нугуна салуу болуп саналат». («Анадолу», 08.09.19). Ошондуктан, Судан өкмөтү санкцияларды алып салуу маселесинде Америка көмөгүнө муктаж.

Б. Америка Судандагы анын малайлары элди тынчтандыруу үчүн конституциялык документке кол койууга аргасыз болуп, ага кол койушкандан кийин, санкцияларды алып салбай тургандыгына ишаара кылган опузасын баштады. Ошондой эле, Суданды колдоо планынан да баш тарта баштады. Америка Судандагы убактылуу консулдук ишин алып барып жаткан адамынын да убактысы бүтүп калгандыгын билдирди. Ошондой эле, Судандагы жооптуу адамдарга жакынкы аралыкта санкцияларды алып салуу ишке ашпай тургандыгын билдирди. Анткени, токтом чыгаруу Трамп администирациясынын колунда эмес, конгресстин колунда экендиги билдирилди. Бул билдирүүлөрдү 2019-жылы 4-сентябрда «Elap» газетасы басып чыкты. Башкача айтканда, Америка санкцияларды алып салбастан, аны колдонуу опузасы менен Хамдук өкмөтүнө басым жасоону пландады. Башында Америка Бурханга жакынкы аралыкта санкцияларды алып сала тургандыгын убада кылган. Ошондо Бурхан билдирүү берип мындай деген: «Мурунку бийликтин доорунан бери санкциялар жаатында иш-чаралар уланып келе жатат. Биз бул маселени Америка администирциясы менен талкуулоо үчүн атайын эксперттерди жибердик. Америка тынчтык

амалияттары толук ишке ашкандан кийин Суданды террористерди колдогон мамлекеттердин тизмесинен чыгарып салууну убада кылды. Биз мунун убагы келип калды деп ойлойбуз». Ал дагы мындай деди: «Ушул аптанын аягында өткөөл өкмөттүн курамын беките турган документтик иштер аягына чыккандан кийин бул келишимге кол койулуп калуусу ыктымал». («Шаркул Авсат», 07.07.19). Американын Хартумдагы убактылуу консулдук иштерин алып барган Стивен Котисис мындай деди: «Суданды террористерди колдогон мамлекеттердин тизмесинен чыгарып салуу маселеси жакындашып калды». («Халиж онлайн», 07.07.19).

В. Дүйнөлүк банк Суданга Американын уруксаты менен гана карыз берет. Бул дагы – Американын Хамдук өкмөтүнө кысым өткөрө турган каражат. Андан кийин Америка өлкө ичиндеги малайлары аркылуу кысым кылат. Ошондой эле, Судан террористерди колдогон мамлекеттердин тизмесинен чыкпай турганда ал Американын эл аралык акча которуулар түзүмүнөн да пайдалана албайт. Бул болсо, Судандын эл аралык соодасына эң чоң тоскоолдук болуп саналат. Анткени, ал доллардан баш тарта албайт.

Ал эми, Европа менен «Эркиндик жана өзгөрүү үчүн» күчтөрү эки сызык менен жүрүүсү күтүлөт. Биринчиси: «Америка экономикалык жактан кысым кылууда маанилүү роль ойноп жаткан санкцияларды алып салууну создуктуруп жатышы» жаткандыктан Европадан жардам сурап кайрылышат. Экиничиси: армия жана коопсуздук кызматына бюджеттик чегерүүлдөрдө кысым кылышат...

Биринчиси: Европа, башкача айтканда, «Эркиндик жана өзгөрүү үчүн» күчтөрү Суданга карата санкциялардын тескери таасири күчтүү экендигин түшүнүшөт. Ошондой эле, Америка санкцияларды алып салууну создуктуруу менен да кысым кылышын билишет. Ошондуктан, Европа Судан өкмөтүн БУУда каржы тарабы менен колдоо боюнча иш алып бара баштады. Германия жардам берүүгө даяр экендигин билдирип, Германия ТИМи Хайку Маас: «Германия ушул айда боло турган БУУнун Башкы Ассамблеясынын

жыйынында Суданды терроризмди колдогон мамлекеттердин тизмесинен чыгаруу маселесин көтөрүүнү караштырып жаткандыгын», - билдирди. («Анадолу», 08.09.19). Франция ТИМи Людриан 2019-жылы 1-сентябрда Суданга иш сапары менен барды. Ал Судандын өкмөт башчысы Хамдук менен жолугушкандан кийин мындай деди: «Мен Судан өкмөт башчысына, биз европалык шериктештерибиз менен биргеликте Суданды Американын «терроризмди колдогон мамлекеттердин» тизмесинен чыгаруу үстүндө иш алып бара турганыбызды айттым». Людриан минтип кошумчалады: «Франция Суданды колдоо максатында 60 миллион евро берет. 15 миллион евро тез арада которулат». («Софхату Рокубату Судания», 16.09.19). Ушулардан көрүнүп тургандай, булардын баардыгы «Эркиндик жана өзгөрүү үчүн» күчтөрүн, ошондой эле, Хамдуктун өкмөтүн колдоого алуу үчүн жасалып жатат.

Экинчиси: ал эки ишти камтыйт, армия бюджетин азайтуу жана коопсуздук кызматын реформалоо. Хамдуктун билдирүүлөрү буга ачык далалат кылып турат.

Аскердик бюджет жөнүндө Хамдук «Армияга бөлүнүп жаткан каражатты кескин кыскартууга чакырды». Ал кошумчап: «Армияга жумшалып жаткан каражат өлкө бюджетинин 80%ын түзөт», - деди. («Арабий пост», 26.08.19). Хамдук өлкө бойлоп жайылган куралдуу жамааттар менен болгон келишимдер «Тынчтыкты кайтарууга» алып барган келишимдер болушу керектигин белгиледи. Башкача айтканда, Судан бюджеттинен армияга жана коопсуздук кызматына жумшалып жаткан каражатты кескин кыскартууга чакырды.

Ал эми, коопсуздук кызматын реформалоо болсо: Судандагы коопсуздук кызматынын азыркы түзүмү, айрыкча, ыкчам аракеттеги күчтөрү Башир бийлиги тарабынан иштелип чыккан. Митинге чыккан судандыктар мунун запкысын аябай тартышкан. Ошондуктан, бул түзүмдүн мамлекеттик мыйзамга баш ийүүсүн, мамлекет көзөмөлдөөсүн кепилдей турган, анын

түзүмүн кайра карап чыга турган реформаны талап кылган «Эркиндик жана өзгөрүү үчүн» күчтөрүнүн урааны көтөрүлүп белгилүү бир европачыл күчтү пайда кылды. «Хамдук ыкчам аракеттеги күчтөр түзүмү – анын түзүмү кайра каралып чыгуусу менен биргеликте - коопсуздук кызматына кошуларын жана бирдиктүү өлкө армиясы түзүлөрүн белгиледи». Ал кошумчалап: «Улуттук күчтүү армия түзүү үчүн, өкмөттүн коопсуздук кызматын реформалоо чечими бекем чечим экендигин жана коопсуздук кызматы менен ыкчам аракеттеги күчтөр бириктирилерин, ошондой эле, баардык куралдуу күчтөрдүн түзүмдөрү каралып чыгарын», - билдирди. («Ал-Жазиира нет», 11.09.19).

6. Европанын Судандагы «Эркиндик жана өзгөрүү үчүн» күчтөрүн колдоо ийгилиги ага каршы болгон америкачыл күчтөрдү Американын колдоого алуусуна караганда азыраак. Ал төмөнкүчө:

Европанын колдоосу – эгер, Америка Суданды терроризмди колдогон деген кара тизмеден чыгарбаса – көйгөйдү чечпейт. Сырткы жардамга таянып жаткан, башкача айтканда, өлкөнү соргон инвесторго жана рибага негизделген карыздарга таянып жаткан Суданды – Судан өкмөт башчысы айткандай – кыйынчылыктар күтөт. Ал өнөр жай ыңкылабын да кыла албайт, ошондой эле, экономикалык ресурстарын да өнүктүрүүгө дарамети жетпейт. Анткени, азыркы түзүм да Умматтын акыйдасынан таза, тунук түзүм келип чыккан жана ал түзүмдүн экономикалык түзүмү аркылуу Умматтын баардык көйгөйлөрүн чечип, экономикалык жактан да, баардык тараптан да өлкөнү өнүктүрө турган түзүмдөн алыс болгон, мурунку паракор бузгунчу түзүмдүн дал өзү. Судан элинин Баширге каршы көтөрүлүшүнүн бирден-бир себеби – баалардын асмандап көтөрүлүшү, жумушсуздук, жонунан жоон кайыш тилген жакырчылык болгон.

Ал эми, армиянын бюджетин азайтуу тарабы: Судан армиясы ондогон жылдардан бери мамлекеттик бюджеттен арстан үлүшүнө ээ болуп адаттанып калган. Ошондуктан, ал өз үлүшүн тарттырып жибербөө үчүн ар

түрдүү ыкмалар менен каршылык көрсөтөт. Соңунда акча жемкордугу эки тарапта тең өөрчүгөн абалда калат. Анан кантип ал экөө бири-бирин оңдойт? Акча жемкордугун кудайсыз светтик түзүм эмес, тескерисинче, бир гана Аллахтан корккон, бир гана Исламдын өкүмү менен чечкен адамдар түп тамыры менен жок кылат.

Ал эми, коопсуздук кызматынын тарабы болсо: Америка ыкчам күчтөрдүн жетекчиси Мухаммад Хамдан Даклуга негизги көңүл борборун кылат. Анткени, ал сыртка болгон Мисрге, айрыкча, Саудияга болгон иш сапарлары көбөйүп, билдирүүлөрү да көбөйдү. Ошондуктан, Судандын келечеги үчүн Америка ушуну тандап жаткандай өңдөнүп баштады. Даклу көз карандысыз межлистин орун басары, ошондукан, ал аскердик бюджеттин 25% каражаты жумшалып жаткан ыкчам аракакеттеги күчтөр жаатында кандайдыр бир өзгөрүүлөр болуусуна күчүнүн болушунча каршылык көрсөтөт. Ошол себептен улам, Судан өкмөт башчысы Хамдуктун ыкчам аракеттеги күчтөр түзүмүн кайра карап чыгуу аракетине Судандагы Американын күчтүү кадры катары саналган Даклу тарабынан катуу каршылык болот.

7. Ушуга негизделип Судандагы өткөөл мезгилде саясий жактан да, экономикалык жактан да туруктуулук болушу күтүлбөйт:

Саясий жактан туруктуулук болбостугу: эл аралык күчтөрдүн жана алардын жергиликтүү эки тараптык жүгүртөктөрүнүн күрөш майданы болгон эч бир өлкөдө саясий туруктуулук болбойт. Бул нерсе биз жогоруда баяндап өткөндөй, Судандагы чет мамлекеттердин элчилеринин берген билдирүүлөрүндө, алар Судандагы жооптуу адамдар менен жолугууларында жана иш-аракет, сөздөрүндө ар бир аң-сезимдүү адамга анык көрүнүп турат. Ошондуктан, мындай абалда туруктуулук болбойт. Өткөөл мезгилде туруктуулуктун жоктугунан улам Америка аскерий төңкөрүш да жасап жибериши чындыктан алыс эмес. Мындай абалдан качан гана Судан эли бул чындыктарды аңдап, Аллахтын динине жардам берип, колонизатор

кафирлерди жана алардын жергиликтүү жүгүртөктөрүн түп тамыры менен сууруп салып, Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалыкты тикелешсе гана өз өлкөсүндө тынч, аман, туруктуу, саламат жашоо кечире алышат да, Аллахтын бул аятындагы сыпатка ээ болушат. Аллах айтат:

﴿ خَيْرَ أُمَّةٍ أُخْرِجَتْ لِلنَّاسِ ﴾

***«Силер адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы уммат болдуңар»*** [3:110]

Экономикалык туруктуулуктун болбостугу: бул көрүнүш колонизатордун өлкө ишине аралашуусунун натыйжасынан башка нерсе эмес. Тикенектен жүзүм жыйнай албайсың!!! Муну Судандагы көрүнүштөр ачык-айкын көрсөтүп турат. Умматка кыянаттык кылган акимдин Америка буйругун  аткаруусу Судан түштүк бөлүгүнөн, мунай байлыгынан ажырап калуусуна алып келди. Судан Африканын азык баштыгы сыпаатына ээ болуп туруп, анын эли жакырчылыкта калды, анткени, алар үстөк пайыздуу карыздарга таянгандарга айланган. Дыйкандарга колдоо көргөзүлбөй, жерлер айдалбай ташталды. Кен байлыктар чет элдик инвесторлордун колуна тапшырылды... Эң маанилүүсү, Аллах шарият кылып белгилеп берген  Ислам мамлекеттен бөлүнүп, Исламдын экономика түзүмү колдонулбай, анын ордуна кудайсыз светтик паракор түзүм колдонулуп жаткандыгы... Анан кантип экономикалык туруктуулук жөнүндө сөз болсун?! Тескерисинче, улуу Аллах Өз аятында убада кылган эң төмөн жашоо болоору анык эмеспи?! Аллах айтат:

***«Ким менин хидаятыма ээрчисе, адашпайт да, бактысыз да болбойт, ким менин зикримен жүз үйрүсө, ал үчүн эң төмөн жашоо болот»*** [20:123]

**3-сентябрь, 2019-ж.**

## Судандагы келишим

*Суроо: 2022-жылы 5-декабрь күнү Судан армия командачысы, суверендүү кеңештин жетекчиси жана анын орун басары менен 52 саясий партия жана*

*уюмдар келишим түзүштү. Республика сарайында болуп өткөн, Судан телевидениеси жана массалык маалымат каражаттары аркылуу көрсөтүлгөн бул келишим жалпы шайлоолорго, эки жылдык өткөөл өкмөт үчүн жол ачат. Бул келишим эл аралык көзөмөл, өзгөчө Америка, Британия жана келишимге башчылык кылып жаткан Бириккен Улуттар Уюмунун өкүлүнүн көзөмөлү астында түзүлдү. Бирок, бул келишимге каршы чыккандар да бар. 2022-жылдын 8-9-декабрь күндөрү келишимге каршы демонстрациялар болуп өттү. Суроо мындай: бул келишим эмнени түшүндүрөт жана кимдин кызыкчылыгы үчүн ишке ашырылууда? Келишимге каршылыктар жөнүндө эмне десе болот? Келишимдин аткарылышы күтүлөбү?*

**Жооп:** бул суроолорго жооп берүү үчүн ушуларды карап чыгабыз:

Биринчи: келишимдин тексти:

1 – Келишимдин биринчи бөлүгүндө «Судан көп маданияттуу, көп улуттуу жана көп диндүү мамлекет» деп көрсөтүлгөн. Бирок, белгилүү болгондой, Судан калкынын 96 пайзынан ашууну Ислам динине итикад кылат. Ошондуктан, уруулар канча көп болушуна карабастан, алардын дини жана маданияты бир. Түпкүлүгүндө, бул келишим Исламды жашоодон, башкаруу, экономика, агартуу, социалдык түзүм, жазалар түзүмү, ички жана тышкы саясат, аскерий жана өнөр жай саясаты сыяктуу коомдун бардык турмуштук иштеринде Исламды колдонуу зарылдыгынан четтетүүгө багытталган алдамчылык жана көз боёмочулук. Ушул себептен улам, келишимде «Судан –жарандык, демократиялык, федералдык, парламенттик мамлекет. Башкаруу элге таандык, ал – бийлик булагы» деп айтылган. Булардын баары Исламга тескери. Себеби, бул, Суданды жарандык мамлекетке т.а. динди жашоодон бөлгөн жана адамдарга мыйзам чыгаруу укугун берген илманий мамлекетке айлантат. Демократия бийликти булагы Куръан жана Сүннөт болгон шариятка бербейт, тескерисинче, мыйзам чыгаруу укугун инсанга берет. Ал мамлекетти федерациялык мамлекетке айлантат. Бул болсо, Исламга тескери

башкаруу түзүмү болуп, мамлекетти бөлүнүүгө жана Судандын түштүгүндө болгондой региондордун бөлүнүшүнө жол ачат! Бул келишим Судандагы Исламдын бардык көрүнүштөрүн жок кылууну максат кылган көрүнөт. Себеби, келишимдеги пунктуга ылайык: «Мамлекет эч кимге динди мажбурлабайт. Ал дин, ишеним жана абийир маселелеринде калыс. Бул болсо, эркиндиктер жана эл аралык адам укуктары конвенцияларын, өзгөчө, аял укуктары туурасындагы конвенцияларды аткарууну кепилдейт». Т.а. келишимди түзгөн тараптар бул мусулман өлкөсүндөгү мусулмандарды атайылап Исламдан алыстатууну пландашкан.

2 – Келишимдин экинчи бөлүгүндө ушул тексттер камтылган: «Өткөөл доордогу ыйгарым укук толук жарандык бийликке өткөрүлөт... Ардактуу милдеттерди президент аткарат... Аткаруучу бийликке, ошону менен бирге, мыйзам чыгаруу кеңешине келишимге кол койгон тараптар шайлаган жарандык премьер-министр төрагалык кылат. Коопсуздук жана коргонуу премьер-министрдин жоопкерчилигинде болот жана бул, туруктуу уюмдун жетекчилерин о.э. Жуба тынчтык келишимин түзгөн куралдуу кыймылдарды да өз ичине алат». Келишимге ылайык «Армия саясатка, экономикалык, соода-сатык жана инвестиция иш-аракетине аралашпайт. Ыкчам күчтөр жана куралдуу кыймылдар бир, профессионалдуу улуттук армияны түзө турган коопсуздук жана аскерий реформалар алкагында интеграция жана демобилизация комиссиясы тарабынан келишилген келишимдерге ылайык армиянын курамына киргизилет... Жуба тынчтык келишими ишке ашырылат... Келишимге кол койгон куралдуу кыймылдар менен тынчтык келишими акырына жеткирилет». Дагы келишимге ылайык «Конституциялык комиссиянын көзөмөлү астында жана Судандын бардык региондорунун катышуусунда конституциялык негиздер жана маселелер боюнча сүйлөшүү жана келишим түзүү үчүн кеңири көлөмдүү программа иштеп чыгуу жараёны башталат». О.э. келишимде «премьер-министр

дайындалган күндөн тартып, 24 айлык өткөөл доордун аягында кеңири көлөмдүү шайлоо процессин уюштуруусу» белгиленген.

Экинчи: жергиликтүү позициялар:

1 – Башкы штабдын жетекчиси жана Судан суверендүү кеңешинин төрагасы Абдулфаттах Бурхан келишимге кол коюу ырасымында: «Мына, акыры биз аскерий түзүлүштү саясий жараяндан алыстатууга жана өткөөл доордун аягында шайлоолорду өткөрүүгө о.э. келишимде ортого салынган маселелерди ишке ашырууга кадам таштадык... Өлкө өзгөчө кырдаал абалын башынан өткөрүүдө. Биз саясий жана аскерий күчтөр ортосундагы келишпестикти башыбыздан өткөрдүк. Бул мамлекетке терс таасирин тийгизди. Армияны ар кандай партия, топ же идеялык бөлүнүүдөн тышкары болгон конституциялык мекемеге айлантууга аракет кылып жатабыз», - деди. Анын орун басары Мухаммад Хамдан Даглу мындай деди: «Саясий чөйрөнүн келишимди түзүшү Судан мамлекетинин тарыхында ажайып жаңы доордун башталышын түшүндүрөт. Келишимдин түзүлүшү менен азыркы саясий кризиске чекит коюлушуна жана мурунку доордогу каталарга жол бербей турган жаңы өткөөл доорго даярдык көрүлүшүнө үмүт кылынууда. 2019-жылы август айында өткөөл доор башталгандан бери анын курамдык бөлүктөрүндө келишпестиктер жана 25-октябрга алып келген туура эмес саясий аракеттер жүзөгө келди. Мына ушул саясий жаңылыштык антиыңкылаптык күчтөрдүн кайтышына эшик ачат... Ушул себептен улам, түзүлө турган өкмөттүн биринчи даражалуу милдеттери Жуба келишимин жүзөгө чыгарууга, бул келишимге кол койбогон кыймылдар менен толук тынчтык орнотууга, көчүрүлгөндөрдү жана качкындарды өз үйлөрүнө кайтарууга о.э. өлкө жана качкындар проблемаларын чечүүгө каратылышы керек». («СУНА» маалымат агенттиги, 2022-жыл, 5-декабрь). Бул келишим Бурхандын жана анын орун басарынын башчылыгындагы аскерий жетекчиликти о.э. алардын айланасындагыларды алар түшүп калган оор абалдан куткарат. Себеби, адамдар алардын бийлигин четке кагышкандыктан

алар эч кандай ички рычагга ээ болбой калышты. О.э. бул келишим аскерий жетекчиликке – жасаган кылмыштары үчүн жоопко тартылуудан коргой турган – кол тийбестик укугун берет жана алардын жазадан кутулууларына мүмкүнчүлүк жаратат. Алар өлкө иштерин башкара алышкан жок жана проблемаларын чече алышпады. Алардын колунан келген жападан-жалгыз иш – Умар Башир кулатылгандан кийин өлкөдө Америка таасирин сактап калуу болду. «Азаттык жана өзгөрүү күчтөрү» деп аталган күчтөр жана өкмөттү түзгөн партиялар да өлкө иштерин башкарууда, анын проблемаларын чечүүдө жана элдин минималдуу турмуштук муктаждыктарын камсыздоодо ийгиликке жетишпеди. Алар кылган жалгыз иш – өлкөдөгү Британия таасирин сактап калуу жана режимдин түптөн өзгөрүшүнө каршы туруу болду.

2 – Бул келишимге каршы чыккандар болду. Алар 2022-жылы 8-9-декабрь күндөрү келишимди четке кагып, демонстрация өткөрүштү. Алардын айрымдары: Жибрил Ибрахим жетектеген «Адилет жана Теңдик Кыймылы», Минни Арка Минавий жетектеген «Судан Азаттык Кыймылы» о.э. колонизатор Британияга көз каранды «Эркиндик жана өзгөрүү» күчтөрү менен союз түзгөн кээ бир саясий партиялар сыяктуу Уммат жана Судан калкына садык жана ак ниеттүү эмес оппозициялык күчтөр. Британия өзү үчүн кайтуу жолун түздү жана параллель оппозиция катары аракет кылган күчтөрдү уюштурду. Эгер, келишим ийгиликсизликке учураса, бул күчтөр оппозициянын курамдык бөлүктөрү катары аракет кылат жана өздөрүнүн тыңчылык ишин жашырып, америкалык же англис малайларынын өкүмдарлыгынан кутула албай жаткан элге жетекчилик кылуу үчүн аракетке келишет. Ошентип, адамдар биринен кутулса, экинчисинин тузагына түшөт жана ушинтип улана берет. Өлкөгө расмий эгемендүүлүк берилген жана колонизатор күчтөр аскерлерин алып чыгып кеткен күндөн бери саясий, пикирий, экономикалык жана башка тармактарда колонизаторлук улануууда.

3 – Кээ бирөөлөр бул келишим өлкө башкаруусундагы кризисти чечет деп ойлоп жатышат. Бул кризис бийликти саясий күчтөргө тапшыруу, аскерийлерди башкаруудан жана саясаттан алыстатуу үчүн аскерийлер менен саясатчылар ортосунда жүзөгө келген чыр-чатак болчу. Ал эми, түзүлгөн келишим малайлар ортосунда кызмат талашуу боюнча жүзөгө келген келишпестиктен башка нерсе эмес. Биринчи кезекте бул келишим Судан башынан өткөрүп жаткан жана ыңкылапка себеп болгон экономикалык проблемаларды чечпейт. О.э. башкаруу проблемасын да чечпейт. Себеби, ал – Суданда улуу мамлекеттердин пайдасына аракет кылып жаткан малайлар ортосундагы күрөш. Келишим бул жана андан башка проблемаларды чече албайт. Себеби, ал динди жашоодон, мамлекеттен жана коомдон бөлүү сыяктуу бузгунчу негизге курулган. Мындан тышкары, бул келишим тышкы күчтөрдү ээрчип жаткан калыс болбогон саясий күчтөр менен аскерийлер ортосундагы убактылуу келишүү болуп эсептелет. Мындан мурунку өткөөл доордо да бул тараптар ортосунда келишим түзүлүп, 25-октябрдагы мамлекеттик төңкөрүш менен аяктаган. Себеби, маселе жарандык бийликти түзүү же түзбөө маселеси эмес, ал эч нерсени чечпейт... Анын ийгиликтүү болушуна кепилдик жок. Анткени, тараптар бири-бирин күзөтүп турушат жана ар бир тарап бири-бирине каршы күрөшүп жаткан улуу мамлекеттер тарабынан башкарылат.

Үчүнчү: эл аралык позиция:

1 – Америка келишимди жогору баалады. АКШнын мамлекеттик катчысы Энтони Блинкен 2022-жылы 6-декабрда Твиттердеги өз баракчасында мындай деди: «Бул – жарандар жетектеген өткөөл өкмөт түзүү жана өткөөл доор үчүн конституциялык эрежелерди аткаруу үчүн коюлган биринчи маанилүү кадам». 2022-жылы 6-декабрда АКШнын мамлекеттик департаменти өзүнүн веб-сайты аркылуу ачыктаган билдирүүдө мындай делет: «Судандагы жарандык партиялар менен аскерийлердин корутунду келишим түзүү жана бийликти жарандар жетектеген өткөөл өкмөткө

тапшыруудан мурда чечилбеген маселелер боюнча инклюзивдүү диалогго киришүү пландарын колдоп-кубаттайбыз». АКШнын мамлекеттик департаменти өз билдирүүсүндө келишимди бузууга аракет кылгандарга санкциялар колдонулушун эскертти: «Бүгүн министрлик Судандын учурдагы жана мурунку аткаминерлерине же адам укуктары жана негизги эркиндиктерди бастыруу аркылуу Судандын демократиялык өткөөл жараянына зыян жеткирүүгө жооптуу же шерик деп каралган адамдарга визаны чектөө саясатын кеңейтүүнү чечти». Бул келишим Суданда өз таасирин сактап калуу, малайы Абдулфаттах Бурхан, анын жардамчысы Мухаммад Даглу жана башкалар жетектеген америкачыл аскерий бийликтин кулашына жол бербөө үчүн Американын назарында маанилүү кадам. Өзгөчө, Бурхан менен Даглу бир жарым жыл мурун 2021-жылы 25-октябрда жарандык өкмөткө каршы мамлекеттик төңкөрүштү уюштуруп, 2019-жылы 21-августта тараптар ортосунда кол коюлган өткөөл доор жараянын токтотуп койгон. Келишимге ылайык, 21 ай суверендүү кеңешке аскерлер төрагалык кылышы жана андан кийин 18 ай жарандык башкаруу төрагалык кылышы шарт эле. 2020-жылы 3-октябрдагы Жуба келишиминен кийин өткөөл доор 53 айга узартылды. Бирок, 2021-жылы 25-октябрдагы мамлекеттик төңкөрүш англис малайларына мүмкүнчүлүк берген жок жана суверендүү кеңешке төрагалык кылууларына тоскоолдук кылды... Бул акыркы келишим Америка малайларын кулоодон жана кылмыш жоопкерчилигине тартылуудан куткарат. О.э. Американын Судандагы таасирин сактап калат жана саясий чөйрөнү көзөмөлдөгөн англис малайларынын ар жерде өкүмдарлык кылышына тоскоолдук кылат.

2 – Британия да Африка иштери жана эл аралык өнүгүү боюнча министри Эндрю Митчелл аркылуу келишимди алкыштаганын жарыялады: «Төрттүк тобу жана Үчтүк мамлекеттери Суданда жарандардын жетекчилигинде түзүлгөн бул келишим үчүн ташталган маанилүү кадамды алкыштайт. Британия мындай өкмөт түзүлгөндөн кийин аны менен жакындан

кызматташууну ынтызарлык менен күтүүдө жана биз бардык катышуучуларды акыркы келишимди түзүү үчүн тездик менен биригүүгө чакырабыз». (https://alsudantoday.com, 2022-жыл, 6-декабрь). «Судандагы акыркы келишимди кечиктирүүнүн үрөй учурган акыбеттери» жөнүндө эскерткен Британиянын коопсуздук кеңешиндеги өкүлү Жеймс Кариуки мындай деди: «Бириккен Королдук жарандык башкаруудагы өткөөл өкмөт түзүлгөндөн кийин ага маанилүү экономикалык жардам көрсөтүүнү жөнөг салуу үчүн эл аралык шериктештер менен иштешүүдө. Судандагы коопсуздук да оор абалда калууда. Биз Көк Нил жана Батыш Кордофандагы зомбулуктарга терең тынчсызданып жатканыбызды дагы бир ирет баса белгилейбиз». (https://www.sudanakhbar.com, 2022-жыл, 6-декабрь). Британия да Америка сыяктуу Суданга түздөн-түз аралашып, келишимди колдоп-кубатташын билдирди. Британия БУУдагы атайын өкүлү аркылуу Кошмо Штаттар менен биргеликте келишимди түзгөндөрдөн жана ишке түшүрүүнү көзөмөлдөгөндөрдөн. Британия негизинен анын малайларынан түзүлөрү күтүлүп жаткан жарандык өкмөттү колдоп-кубатташын жарыялады. Британия муну менен бийликти колго алуу о.э. армиянын башкаруудагы жана саясаттагы таасирин күчсүздөнтүү үчүн саясий чөйрөдө өз таасирин сактап калды.

Төртүнчү: корутунду:

Судандагы бул окуяларга карап чыксак, андагы эл аралык жаңжал өзгөрбөгөндүгү көрүнөт. Туурасы, бул жаңжал – Бурханды, анын орун басарын жана тобун көзөмөлдөп жаткан АКШ менен Британия малайларынан турган «Азаттык жана өзгөрүү күчтөрү» жана аны менен союз түзгөн партиялар ортосундагы жашыруун болбогон ачык күрөш. Эки тарап т.а. Америка менен Британия ушул убакытка чейин аскерий жана жарандык курамдык бөлүктөрдө өз таасирин кеңейте албады. Ошондуктан, Америка менен Британия Башир кулаганда болгондой келишип алышты. Бул келишим 25-октябрда чыр-чатак күчөгөнгө чейин созулду. Мына эми алар кайра дагы

келишим түзүштү! Бул келишим убактылуу келишим, эки тараптын бири толук аскерий жана жарандык таасирге ээ болгонго чейин созулат... Бурхан башкарууну колго алгандан тартып биз ушул нерсеге жана «төңкөрүшкө» ишара кылып, бул туурасында жарыяланган эки суроо-жооп баракчабызда ушуларга көңүл бурган элек:

1 – Биз 2019-жылы 23-сентябрда жарыялаган суроо-жоопто т.а. болжол менен башкарууга эки партиянын кириши башталганда, аскерий компонент жарандык компонент менен бийликти бөлүү жөнүндөгү келишими жөнүндө мындай деген элек: «Күтүлүп жаткан нерсеге келсек, АКШ менен Британия ынтымакта жашай албайт. Себеби, алардын кызыкчылыктары жана аларга көз каранды жергиликтүү каражаттары бири-биринен айырмаланып турат. Ошондуктан, тараптар бири-биринин аракеттерин бузууга аракет кылышат! Бул окуяларды күзөтүү, алардын акыбеттери жөнүндө пикирлөө, тышкы жана жергиликтүү, айрыкча, Америка менен Европа расмийлеринин билдирүүлөрүн терең үйрөнүү аркылуу ушуларды айтууга болот – эки тарап өз атаандашын куугунтуктоо, басым өткөрүү жана бийликтен куру калтыруу үчүн ушул каражаттардан пайдаланышы мүмкүн...». Биз ошол каражаттарды суроо-жоопто баян кылып өткөн элек жана чынында эле ошондой болду.

Андан кийин, 2021-жылы 25-октябрдагы суроо-жоопто мындай дегенбиз: «Америка малайлары тарабынан алып барылган ыплас ыкмалар болобу, Британия жана Европа малайлары карманып жаткан карамүртөз багыттар болобу, алардын баары – Суданда зулумдун, ачкачылыктын, кризистердин жана кан төгүүнүн негизги себепчиси. Ошондуктан, Судан калкы өз абалын түшүнүп, Америка, Британия менен Европага малай болгон жана Судан калкынын канын жана баалуулуктарын кафир мамлекеттерге кызмат кылуу үчүн пайдаланган бул ийгилисиз өкүмдарлардан баш тартышы керек. Бул малай өкүмдарларга каршы туруп, саптарын бириктириши керек».

2 – Келишимдин аткарылышы жөнүндөгү суроолорго келсек, бул, шектүү. Негизи, бул келишим мамлекетти куткарабы? Андай болушу таптакыр

мүмкүн эмес. Себеби, бул келишим жалганга негизделип, убактылуу келишим түзгөн колонизатор мамлекеттердин иши. О.э. келишим жалаң кызмат жана мансапты гана көздөгөн, финансылык кирешелерин коргоо жана көбүрөөк акча табуу жөнүндө ойлогон малайлардын ортосунда түзүлгөн келишим. Алар өлкө жана калктын проблемалары, өлкөнүн өнүгүүсү, өлкөнү колонизаторлуктун сыйыртмагынан жана колонизаторлордун чеңлегинен азат кылуу жөнүндө ойлошпойт. Алар өнүгүү жолун да билишпейт. Себеби, алар өз таасирин пикирий жана саясий жактан өлкөдө бекемдөөгө аракет кылып жаткан колонизаторлордун кызыкчылыгы үчүн аракет кылышууда. Бул колонизаторлор, өзгөчө Америка менен Британия Суданда өз таасирин кеңейтүү үчүн күрөшүп жатышат. Чет мамлекеттердин аралашуусу эч кимге сыр эмес. Келишим Республика сарайында түзүлгөндө чет элдиктер да катышты. Мындан тышкары, келишимди даярдаган адам да чет элдик жаран. Бул келишимди Судандагы эл аралык чыр-чатактын себепчилери болгон америкалыктар менен англистердин түздөн-түз көзөмөлү астында «Төрттүк» жана «Үчтүк» атынан Бириккен Улуттар Уюмунун атайын өкүлү даярдады. Төрттүк – бул Америка, анын малайы Саудия, Британия, анын малайы Бириккен Араб Эмираты. Америка жергиликтүү партияларга таасир өткөрүү жана пара берүү үчүн өзүнүн малайы Саудиядан пайдаланса, Британия андай иштерди жасоо үчүн Бириккен Араб Эмиратынан пайдаланат. Үчтүк – бул Америка, Британия жана Европанын атынан Норвегия. Норвегия зарыл болгондо жана жашыруун сүйлөшүүлөр алып барылганда гана таасирге ээ. Негизинен жашыруун сүйлөшүүлөр жашыруун келишимдерди түзүү менен белгилүү болгон Норвегия борбору Ослодо жүргүзүлөт. Америка келишимди бузгандарга санкцияларды колдонуу менен коркуткан болсо, Британия келишим ийгиликсиздикке учураса үрөй учурган акыбеттерге алып келерин эскертти.

3 – Бири-бирине карама-каршы болгон АКШ менен Улуу Британияны курсант кылууга урунган Германиянын БУУдагы өкүлү Фолькер Пертеске келсек, ал келишимдин ийгиликсиздигинен эскертти. Пертес БУУнун Коопсуздук Кеңешиндеги брифингде мындай деди: «Судан акыркы саясий келишимге жакындашып жатканда, саясий чечим өз кызыкчылыктарына туура келбейт деп эсептегендер саясий жараянга зыян жеткире турган аракеттерди күчөтүшү мүмкүн». (www.alrakoba.net, 2022-жыл, 8-декабрь). Бул келишим тараптар ортосундагы убактылуу келишим. Бул чарчаган согушкерлер эс алышы үчүн түзүлгөн «убакыттан утуу» келишимине окшойт. Бир аз убакыт өтүп, тараптардын бири экинчисин жеңмейин согуш кайрадан башталат. Биринчи тарап экинчисин жеңсе, жеңилген тарап моюн сунбайт, өлкөнүн чыгышында, батышында, түндүгүндө, түштүгүндө жана борбордо проблемаларды жарата берет. Себеби, ал жерлерде анын тыңчылары бар. Өлкө алардан тазаланбаса, абал жакшырбайт. Адамдар өз үмүттөрүнө жетише албайт, бейпил, татыктуу турмушту көрүшпөйт, натыйжада, бул дүйнө жана Ахырет бакытын колдон чыгарышат. Ушул себептен улам, ар бир адамдын жана ыхластуу кишинин важиб милдети – Расулуллах ﷺдын башараты болгон Пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалыкты тиккелөө үчүн аракет кылып жаткандар менен олуттуу жана чын жүрөктөн аракет кылуу.

«Кийин Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот». (Ахмад риваяты).

﴿وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ الْمُؤْمِنُونَ * بِنَصْرِ اللَّهِ يَنْصُرُ مَنْ يَشَاءُ وَهُوَ الْعَزِيزُ الرَّحِيمُ﴾

«Ошол күндө момундар Аллахтын нусраты себептүү шаттанышат. (Аллах) Өзү каалаган кишисине нусрат берет. Ал кудурет жана ырайым ээси» [30:4-6]

**17-жумадулаввал, 1444-х.**

**11-декабрь, 2022-м.**

**Судандагы куралдуу кармаштар жана анын саясий күрөштөргө таасири**

**Суроо:** ***“Скай Ньюз арабийя” сайты АКШ 2023-жылы 23-апрелде өз дипломаттарын эвакуация кылганын ачыктады: «Жекшемби күнү эрте менен АКШ президенти Жо Байден бир нече күндөн бери айыгышкан согушка сахна болуп жаткан Судандан америкалык дипломаттардын эвакуация кылынганын маалымдады. Байден өз билдирүүсүндө «Америкалык аскерийлер бүгүн (жекшемби күнү) менин буйругум менен АКШ өкмөтүнүн кызматкерлерин Хартумдан алып чыгуу операциясын аткарышты», - деди». “Арабий 21” сайты 2023-жылы 23-апрелде мындай кабар таратты: «Америкалык дипломаттардын эвакуация кылынганы жөнүндө Судан аскерийлери эч кандай түшүндүрмө беришпеди. Бирок, алар мурунку билдирүүлөрүндө Кошмо Штаттар, Британия, Франция жана Кытай өз дипломаттарын жана жарандарын Хартумдан эвакуация кылмакчы экенин айтып, эвакуация «тезинен башталышы күтүлүп жатканын» кошумчалашкан».***

***Бул эвакуация Суданда болуп жаткан согуштун созуларын түшүндүрөбү? Өзгөчө, Бурхан да, Хамидатий да Американын малайлары экенин эсепке алсак, бул согушту кантип түшүндүрүү мүмкүн? Же алардын бири Британия жана Европага ыктап калдыбы, ошондуктан согуш болуп жатабы? Бул согуш кандай чечим менен бүтөт? Ыраазылык билдиремин.***

**Жооп:** Жооп ачык-айкын болушу үчүн конституциялык декларациядан жана ага каршы аскерий төңкөрүштөн кийинки окуяларды карап чыгабыз:

Биринчи: конституциялык декларациянын этабы:

1 – «Конституциялык декларация» аскерий кеңештен турган Американын малайлары жана жарандык жактардан турган Британия жана Европанын малайларына өкүм өткөргөн. 2020-жылы 3-октябрда түзүлгөн Жуба келишиминен соң 2019-жылы 17-августта эки тарап кол койгон бул декларациянын убакыты өзгөртүлдү. Т.а. өткөөл доор 51 айга узартылып,

башкаруу жарандык тарапка 2021-жылы ноябрда өтө турган болду... Конституциялык декларацияда көптөгөн күч борборлору аскерий тараптан жарандык тарапка өткөрүлүшү белгиленгендиктен, бул нерсе Бурхан менен Хамидатийге жакпады. Ушул себептен улам, жарандык тарап ушул борборлорду ээлешине эки айдай калганда мамлекеттик төңкөрүш жасоо аракети аныкталганы жарыяланды. Мамлекеттик төңкөрүш жасоо аракети ким тараптан жасалды – дабаланып кайтканына 5 күн болбогон армиянын адамы Бакровий тарабынан жасалды. «Судан коргоо министри генерал-лейтенант Ясин Иброхим төңкөрүш жасоо аракетине бөгөт коюлганын, төңкөрүшкө генерал-майор Абдулбакий Бакровий жетекчилик кылганын, аны менен 22 түрдүү наамдагы офицерлер, унтер-офицерлер жана аскерлер катышканын маалым кылды». (“Би-Би-Си”, 2021-жыл, 21-сентябрь.).

2 – Ушул төңкөрүш жасоо аракетин дыкат үйрөнүп чыксак, ал жасалма болгонуна күбө болобуз: Себеби «бул төңкөрүш жасоо аракетинин жетекчиси Бахрул Жабал операциясында Бурхан менен, Дарфурдун батышында Шамсиддин Каббаший менен бирге кызмат кылган». (“Арабий 21”, 2021-жыл, 22-сентябрь.). Алар Судан армиясынын жана суверендүү кеңештин жогору наамдагы командачылары. Башкача айтканда, Бакровий аскерий командачылыктагы жогору наамдагы Америка малайларына абдан жакын жана ишеничтүү адам. Ошондуктан, төңкөрүш жасоо аракети чындык эмес. Т.а. төңкөрүш суверендүү кеңештин жетекчилиги жарандык тарапка өтүшүнөн мурун башкарууну тартиптештирүү максатында Бакровий менен аскерий жетекчиликтин келишими негизинде болгон. Мунун артынан «маалымат каражаттарында аскерий төңкөрүш ишке ашырылып жатканы жөнүндө сөздөр тараган, Судан армиясы дүйшөмбү күнү премьер-министр Абдуллах Хамдук менен бирге өкмөттүн көпчүлүк мүчөлөрүн, көптөгөн расмийлер жана журналисттерди камакка алды». (“Ал-Жазира”, 2021-жыл, 25-октябрь). Камакка алынган Хамдук жетекчилиги тарабынан жарыяланган билдирүүдө мындай делет: «Болуп өткөн окуялар конституциялык

декларацияны жок кылуу жана козголоңдун ийгиликтерине каршы жасалган төңкөрүш болуп эсептелет». (“Ал-Жазира”, 2021-жыл, 25-октябрь).

3 – Мындан көрүнүп тургандай, демек, “Азаттык жана өзгөрүү” күчтөрүнөн турган жарандык тарап менен Аскерий кеңештин ортосунда 2019-жылы түзүлгөн келишим тузак болгон. Бул тузак суверендүү кеңештин төрагалыгын оболу аскерийлерге, андан кийин жарандык тарапка берүүнү камтыган тузак болуп, аны Аскерий кеңеш анын артында турган Америка менен биргеликте койгон. Ошондуктан, “Азаттык жана өзгөрүү” күчтөрү – суверендүү кеңештин төрагалыгын т.а. Судандагы башкарууну 21 айдан кийин өз колубузга алабыз деп алданышкан. Эгер, чынында эле бул нерсе ишке ашканда, анда Британия жана Европанын өлкөдөгү малайлары АКШнын Судандагы таасирине коркунуч туудура турган тариздe армия жетекчилигинде жана аны каржылоо иштеринде кеңири көлөмдүү өзгөрүүлөрдү жасашмак. Бул болсо, Америка уруксат бербеген нерсе.

Андан соң, адамдар арасында – төңкөрүш маселеси түндө Бурхан менен Хамидатий ортосунда конституциялык декларацияны жок кылуу максатында уюштурулган деген сөздөр тарады... Андан кийин адамдар – айрымдары калыс ниетте, айрымдары жарандык тараптын үндөөсү менен – көчөлөргө чыгышты жана башталган наразылык демонстрациялары күндөп, жада калса айлап уланды...

Экинчи: алкактуу келишимдин этабы:

Мурунку төңкөрүш маселеси ачыкка чыгып, наразылык демонстрациялар көчөлөргө жайылгандан кийин жарандык тарапты тузакка түшүрүүнүн экинчи этабы башталды. Т.а. аскерий жана жарандык тарап ортосунда сүйлөшүүлөр башталып, 2022-жылы 5-декабрда алкактуу келишимге кол коюлду. Биз 2022-жылы 11-декабрдагы суроо-жоопто бул жөнүндө мындай дегенбиз: «... Келишимдин экинчи бөлүгү ушуларды өз ичине алат: «Өткөөл доордун ыйгарым укугу толук жарандык бийликке өткөрүлөт... Мамлекетте президент ырасымдык вазыйпаларды аткарат...

Аткаруучу бийликке жарандык тараптан чыккан премьер-министр төрагалык кылат»... Келишимде дагы айтылышынча: «Армия саясаттан жана экономикалык, соода, инвестиция иш-аракеттеринен четтетилет. Ыкчам колдоо күчтөрү жана куралдуу кыймылдар интеграция жана демобилизация комиссиясы тарабынан келишилген тартипке ылайык жана коопсуздук, аскерий реформалар планы алкагында армиянын курамына киргизилет...». Келишим 2023-жылы 6-апрелде акыркы кол коюуну, 2023-жылы 11-апрелде жарандык өкмөттү түзүүнү талап кылган. Бирок, окуялар мындайча түс алды:
1 – Ошол күнү 2023-жылы 6-апрелде т.а. өткөөл доордун конституциясы кол коюлушу керек болгон жана өткөөл өкмөттүн түзүлүшүнө беш күн калганда АКШ мамлекеттик катчысынын Африка иштери боюнча жардамчысы Молли Хамидатий жана Судандагы саясий жараяндын басма сөз катчысы Халидумар Юсуф менен телефондо сүйлөшкөн: «Молли суверендүү кеңештин төрагасынын эки орун басары т.а. Ыкчам колдоо күчтөрүнүн командачысы Хамидатий жана саясий жараяндын басма сөз катчысы Халидумар Юсуф менен телефон аркылуу сүйлөштү. Андан бир нече күн мурун суверендүү кеңештин төрагасы жана армия командачысы Бурхан менен да телефон аркылуу сүйлөшкөн». (“Судан Трибюн”, 2023-жыл, 6-апрель).

2 – “Arabicpost” веб-сайты 2023-жылы 19-апрелде “Нью-Йорк Таймс” гезитинин ошол күндөгү кабарынан цитата келтирип ушул жылдын 15-апрелинде жүз берген кагылышуунун алгачкы сааттары жөнүндө эң маанилүү маалыматтарды берди: «14-апрель күнү кечкурун Бурхан менен Хамидатийдин ортосунда чет элдик өкүлдөрдүн катышуусунда сүйлөшүүлөр болуп өттү. Жогорку наамдагы аскерий командачылардын биринин үйүндө кечки тамактан мурун өткөрүлгөн бул сүйлөшүүдө убадалар берилди жана жан берүүлөр сунушталды». (“Arabicpost”, 2023-жыл, 19-апрель).

3 – Андан кийин 2023-жылы 15-апрелде армия менен Ыкчам колдоо күчтөрү ортосунда капыстан айгышкан кагылышуулар башталды. Бул болсо

башкарууну Британия малайы болгон жарандык тарапка өткөрүү үмүтүнө каршы кезектеги сокку болду... Ушул таризде, Судандагы америкачыл аскерий тарап менен британиячыл жарандык тарап ортосунда уланып келе жаткан саясий карама-каршылык Бурхан менен Хамидатий ортосундагы согуштук майданга өттү. Биз 2023-жылы 19-мартта жарыяланган суроо-жоопто мындай дегенбиз: «Ушул себептен улам, Хамидатий көзөмөлдөгөн күчтөрдү армияга кошууда аскерий тараптын (Бурхан менен Хамидатий) келише алышпаганы шылтоо кылынып, алкактуу келишимдин аткарылышы кечигиши аскерий тараптын көзөмөлүндө калууда. Бул, шарттар жана кырдаалдар келишимди өзгөртүүгө жана келишимдеги жарандык тараптын ар кандай таасирине бөгөт коюуга жол ачканга чейин созулат. Бурхандын «жакын арада» деген сөзүнүн мааниси ушул. Ал мындай деди: «Мамлекет жарандык башкарууну орнотуу жолунда бара жатат, жакын арада жарандык өкмөт орнотулушу мүмкүн». (“Иттихад”, 2023-жыл, 19-март). Алкактуу келишим аскерий тараптын талаптарына ылайык аткарылат. Мына ошондо келишимдин аткарылышы жакын же алыс болушуна карабастан, Бурхандын «жакын арада» деген сөзү ишке ашат! Эгер, алардын талаптарына ылайык келбесе, алкактуу келишим бекер кылынышы да ыктымал. Бул үчүн мисалы Бурхан менен Хамидатийдин келише албай жаткандыктан Ыкчам колдоо күчтөрүн армияга кошуу кыйын болуп жатат деген нерсени ойлоп табышат т.а. жаңы ыкма менен конституциялык документти бекер кылуу сценарийи кайра кайталанат...». (Цитата бүттү).

4 – Оппозициячыл саясий күчтөр армия менен Ыкчам колдоо күчтөрүнө кайрылып, аларды өз ара согушту токтотууга чакыра баштады. Акыйкатта болсо, бул оппозициячыл күчтөр армияга жана Ыкчам колдоо күчтөрүнө каршы эле, эми болсо аларды бири-бирине каршы согушту токтотууга чакырып калышты. О.э. алар армияны саясий турмуштан четтетүү жана жарандык өкмөттү орнотуудан турган өздөрүнүн талаптарын да унутушту. «”Азаттык жана өзгөрүү” күчтөрүнүн борбордук кеңеши өз

билдирүүсүндө Куралдуу күчтөр жана Ыкчам колдоо күчтөрүнүн командачылыгын туура пикир менен аракет кылууга, аскерий кагылышууларды тезинен токтотуп, сүйлөшүүлөргө кайтууга чакырды жана чечилбеген проблемаларды чечүүнүн варианты тынчтык жолу экенин баса белгиледи». (“Ал-Жазира”, 2023-жыл, 16-апрель). Ушул таризде оппозиция башкача оппозицияга айланды. Т.а. саясий оппозиция каршылаш күч эмес, армия менен Ыкчам колдоо күчтөрүнөн турган жасалма оппозициячыл күчтөрдү жараштыруучу болуп калды!

5 – АКШ Мамлекеттик департаментинин билдирүүсүндө мындай делет: «Блинкен жабырлангандарга гуманитардык жардамдардын жеткирилишине уруксат берилиши үчүн ок атууну токтотуу зарылдыгын баса белгиледи». (“Скай Ньюз”, 2023-жыл, 18-апрель). Кагылышууну токтотууну эмес, ок атууну токтотууну каалап жаткан Блинкендин бул чакырыгын тараптар дароо кабыл алышты. Армия өткөөл суверендүү кеңештин мүчөсү Шамсиддин Каббаший аркылуу мындай билдирүү берди: «Суверендүү кеңеш шейшемби күнү кечкурундан тартып 24 саатка ок атууну токтотууга макул болду». (“Арабийя”, 2023-жыл, 18-апрель). Америка мамлекеттик катчысы Энтони Блинкен аркылуу талап кылган сулхка (ок атууну убактылуу токтотуу келишимине) Ыкчам колдоо күчтөрү да макул болду. Анын билдирүүсүндө мындай делет: «АКШ мамлекеттик катчысы Энтони Блинкен мырза менен болуп өткөн сүйлөшүүгө негизделип, катардагы калктын кыймылын жана жарадарлардын эвакуациялоону камсыздоону көздөп, коопсуз жол ачуу үчүн бизди ок атууну токтотууга чакырган дос мамлекеттердин иш-аракеттерине негизделип, 24 саатка ок атууну токтотууга макул экенибизди билдиребиз». (www.alrakoba.net, 2023-жыл, 18-апрель). Бул – көрүнүш Бурхан менен Хамидатий америкалыктарды ээрчип, алардын буйруктарын дароо аткарып жатышканын тастыктайт. Эгер, америкалыктар согушту бүтүндөй токтотууну олуттуу талап кылышса, экөөсү тең ошол замат ок атууну токтотушат. Бирок, америкалыктар алардан

24 сааттык сулхту талап кылышты. Бул болсо, америкалыктар согушту улантууга уруксат бергенин түшүндүрөт.

6 – 2023-жылы 19-апрелде өзүнүн ысымын атабаган АКШ мамлекеттик департаментинин кызматкери “Шаркул Авсат”ка мындай билдирүү берди: «АКШ мамлекеттик департаменти Судандагы аскерий жаңжал боюнча жумушчу топ түздү. Бул жумушчу топ Судандагы окуяларга байланыштуу мамлекеттик департаменттин пландоо, башкаруу жана логистика иштерин көзөмөлдөйт... Биздин негизги этибарыбыз тезинен ок атууну токтотууга каратылган». Ал минтип кошумчалады: «Биз Ыкчам колдоо күчтөрү менен Судан Куралдуу күчтөрү 24 сааттык ок атууну токтотууну камсыздашы үчүн басым кылууну улантабыз жана экөөсүн тең бардык күчтөрдүн ок атууну токтотуусун камсыздоого чакырабыз». (“Шаркул Авсат”, 2023-жыл, 19-апрель). Бул эки тарап ортосундагы жаңжалды америкалыктар башкарып жатканын жана алар өз максатына жетишмейинче согушту бүтүндөй токтотмокчу эместиктерин тастыктайт.

7 – Байден өз билдирүүсүндө: «Америкалык аскерийлер бүгүн (жекшемби күнү) менин буйругум менен АКШ өкмөтүнүн кызматкерлерин Хартумдан алып чыгуу операциясын ишке ашырышты», - деди. О.э. Жибути, Эфиопия жана Саудияга ыраазылык билдирип: «Операциябыздын ийгилиги үчүн маанилүү жардамдарды көрсөтүштү», - деп аларды алкыштады. Судандагы жаңжалдагы тараптардын бири болгон Ыкчам колдоо күчтөрү Кошмо Штаттар менен келишип Хартумдагы АКШ элчилигинен америкалык дипломаттар жана алардын үй-бүлөлөрү эвакуация кылынганын жекшемби күнү маалым кылды. “CNN” «бардык америкалык дипломаттар жана алардын үй-бүлөлөрү Америка аскерий самолётторунда Судандан коопсуз чыгып кетишкенин» билдирди. “CNN” «дипломаттардын кетиши менен АКШнын Хартумдагы элчилиги жабылды» деп кошумчалады… (“Скай Ньюз арабий”, 2023-жыл, 23-апрель). Ошондой эле “Арабий 21” 2023-жылы 23-апрелде өз сайтында АКШ президенти Жо Байдендин эвакуация жөнүндөгү

билдирүүсүн жарыялап, минтип кошумчалады: «Америкалык дипломаттардын эвакуация кылынганы жөнүндө Судан аскерийлери эч кандай түшүндүрмө бербеди. Бирок, алар мурунку билдирүүдө Кошмо Штаттар, Британия, Франция жана Кытай өз дипломаттарын жана жарандарын Хартумдан эвакуация кылмакчы экенин айтып, бул «тезинен башталышы күтүлүп жатканын» кошумчалашкан». Бул нерселер согуштун дагы да күчөшүн көрсөтүүдө...

8 – Америка 2023-жылы 25-апрелде шейшембиге өткөн түндөн тартып 72 сааттык сулх жарыялады: «Блинкен өз билдирүүсүндө: «Акыркы 48 саат ичинде кызуу алып барылган сүйлөшүүлөрдөн кийин Судан Куралдуу күчтөрү менен Ыкчам колдоо күчтөрү 24-апрель күнү түндө башталып, бүткүл мамлекет бойлоп 72 саатка ок атууну токтотууга келишишти», - деди. Блинкен баса белгилешинче: «Кошмо Штаттар Судан Куралдуу күчтөрү менен Ыкчам колдоо күчтөрүн ушул убакытта ок атууну токтотууну толук аткарууга чакырган». (“Ал-Жазира мубашир”, 2023-жыл, 25-апрель).

Ушул алкактуу келишимдин этабындагы окуяларды карап чыксак, ок атууну токтотууну Америка көзөмөлдөп жатканы, окуяларды башкарып, эки малайынын ортосундагы аскерий жаңжалды жалындатып жатканы айкын болот... Судан армиясы менен Ыкчам колдоо күчтөрү ортосунда жүз берген бул кагылышуулар Судандагы саясий күрөштү кескин түрдө жаңы майданга т.а. Британия жана Европа малайларын натыйжалуу башкаруу борборунан четтетүү үчүн Америка тарабынан белгиленген майданга көчүрүүдө. Мына ошондо Америка майдандын бардык тарабын өзү көзөмөлдөйт. Аны набыт болгон жана жаракат алган адамдардын саны да, Судан жана анын аскерий механизми ойрон болушу да таптакыр тынчсыздантайт. Бул нерселер Американын эң акырында оюна келе турган нерселер. Себеби, Америка үчүн эң маанилүүсү – Суданга жалгыз өзү өкүмдарлык кылышы, Британия жана Европанын бул жаатта аны менен жаңжалдашпастыгы.

Үчүнчү: Хамидатийдин Бурханды кулатууга урунушу артында Британия менен Европа турабы деген суроого келсек, андай болушу ыктымалдан алыс. Муну ушул нерселер тастыктап турат:

1 – Америка региондогу малайлары күрөшүп жаткан тараптар менен ар дайым байланышта болуп келди. Эгер, Америка Хамидатий англистер менен европалыктардын тарабына өтүп алды деп ойлогондо, Судан армиясына мыйзамдуу улуттук аскерий мекеме деген этибарда карап, ошол малайларын Судан армиясын колдоп-кубаттоого үндөмөк. О.э. Ыкчам колдоо күчтөрүн өзүнүн мыйзамдуулук маселесин армия менен карап чыгууга чакырмак т.а. анын мыйзамдуулугун жокко чыгармак. Саудия эки тарап менен байланышып турду. Буга кошумча, бүгүн “Ал-Жазира” телеканалы Мисир тышкы иштер министринин сөздөрүн келтирип, ал Судандагы эки тарап (Бурхан жана Хамидатий) менен байланышта экени тууралуу кабар таратты.

2 – АКШ мамлекеттик катчысы эки тарап менен алакада болуп, аларды ок атууну токтотууга чакырды: «Судан Ыкчам колдоо күчтөрүнүн командачысы Мухаммад Хамадан Даклу Хамидатий Твиттердеги өз баракчасында: «Биз АКШ мамлекеттик катчысы менен бул мыйзамбузууларды чечүү жолдорун талкуулоо үчүн кезектеги сүйлөшүүнү күтүп жатабыз», - деди». (“Ал-Жазира”, 2023-жыл, 18-апрель). «АКШ мамлекеттик катчысы Судан армиясынын командачысы Бурхан жана Ыкчам колдоо күчтөрүнүн командачысы Мухаммад Хамадан Даклу (Хамидатий) менен байланышып, алардан гуманитардык сулх түзүүнү талап кылгандан кийин сулх түзүлдү». (“Ал-Жазира нет”, 2023-жыл, 18-апрель).

3 – Эгер, Ыкчам колдоо күчтөрү европалыктардын пайдасына төңкөрүш жасап жаткан болсо, “Азаттык жана өзгөрүү” күчтөрү шексиз анын тарабын алмак. Себеби, “Азаттык жана өзгөрүү” күчтөрү армиянын бийликтен кетишин жана жарандык башкаруу орнотулушун күнү-түнү талап кылып келет. Т.а. азыркы кагылышуулар башталгандан мурун да армия жана

анын командачысы Бурханга ачык каршылык кылып келген. Ал эми, азыр “Азаттык жана өзгөрүү” күчтөрү ок атууну токтотууга чакырууда. Башкача айтканда, Хамидатий демократиянын үндөөсү себептүү Бурханга каршы күрөшүп жатканы жөнүндөгү сандыракка карабастан, “Азаттык жана өзгөрүү” күчтөрү Хамидатий тарапка өткөн жок. «Судандагы “Азаттык жана өзгөрүү” күчтөрү армия жана Ыкчам колдоо күчтөрүнүн командачыларын аскерий кагылышууларды тезинен токтотуп, сүйлөшүү столуна кайтууга чакырды». (“Шарк” гезити, 2023-жыл, 16-апрель).

Көрүнүп тургандай, бул кагылышуулар Судандагы Европага көз каранды күчтөрдү шок кылды. Алар бир тарапты башка тарапка каршы колдоп жатышканын билдирген жок. Ошентип, Хамидатийдин Британия тарапка өткөндүгү туурасындагы күмөндөр жокко чыкты. Ал Бурхан сыяктуу Америкага малайлык кылууну улантууда.

Төртүнчү: корутунду:

1 – Бүгүнкү күндө Судан армиясы менен Ыкчам колдоо күчтөрү ортосунда болуп жаткан бул жаңжал да, ок атууну токтотуу да Америка тарабынан башкарылып жаткан кагылышуулар болуп эсептелет. Максат – Судандагы саясий күрөштү кескин түрдө жаңы майданга т.а. Британия жана Европа малайларын натыйжалуу башкаруу борборунан четтетүү үчүн Америка тарабынан белгиленген майданга көчүрүү. Мына ошондо Америка майдандын бардык тарабын өзү көзөмөлдөйт. Американы набыт болгон жана жаракат алган адамдардын саны да, Судан жана анын аскерий механизми ойрон болушу да таптакыр тынчсыздантпайт...

2 – Америка Судандагы анын таасири Европанын эч кандай каршылыгысыз калышын каалайт. Көп убакыттан бери ошондой болуп келди. Американын Судандагы таасири Умар Башир заманында болжол менен 30 жыл созулду... Ал эми, Башир керек болбой калганда Хамидатий сыяктуу Башир тарабынан даярдалган жана Бурхан сыяктуу алар менен биргеликте иштеген адамдарды алып келди... “Азаттык жана өзгөрүү”

күчтөрүндөгү Британиянын адамдары Американын адамдарына каршы аракетке келгенде, Америка алардын келесоолугу себептүү аларды оболу конституциялык декларация, андан кийин алкактуу келишим деген нерселер менен алдады.

3 – Британия эки адамдын бирин (т.а. Хамидатийди) өзүнө оодуруп алдыбы, ошондуктан аскерий кагылышуу болдубу деген сөзгө келсек, буга далалат кылган эч кандай ишаралар жок. Тескерисинче, бардык ишаралар анын бүтүндөй тескерисин көрсөтүүдө. Анткени, биздин туура деп билген пикирибизге ылайык, жогору баса белгилегенибиздей, Бурхан менен Хамидатий – экөөсү тең Американын итааткөй куралдары.

4 – Бул кагылышуунун уланышына жана кандай акыбетке алып келишине келсек, жогоруда айтканыбыздай, мындан Британиянын малайларын ("Азаттык жана өзгөрүү" күчтөрү жана башкалардан турган жарандык тарапты) жок кылуу көздөлгөн. Негизи, бул нерсе ишке ашып бүттү же ишке ашуу алдында турат. Бирок, конституциялык декларацияга каршы мурунку төңкөрүш прецеденти жана анын калкка ашкере болушу Америка жана анын малайларын бул жолу кагылышуулардын мөөнөтүн бир азга узартууга мажбур кылууда. Кагылышуулар кескин көрүнүштө эмес, маал-маалы менен болуп турат. Мындан ушул нерселердин бирин жүзөгө чыгаруу көздөлгөн:

а) Эгер, Америка Бурхан менен Хамидатийден турган малайлары ортосунда келишим-жарашууну ишке ашыруу Америка үчүн абзел деп билсе, аны ишке ашырып, европалыктарга көз каранды күчтөр менен түзүлгөн алкактуу келишимди четке ыргытат. Ушундай көрүнүштө европалыктарга көз каранды күчтөр Суданда жаңы абалды орнотуп жаткан Америка малайлары алдында четке чыгышат...

б) Эгер, европачыл күчтөрдү четке чыгаруу мүмкүнчүлүгү болбосо, Америка Судандын түштүгүн Судандан бөлүп алгандай Судандын калган бөлүгүн да бөлүп жиберүүдөн кайра тартпайт. Ал Батыш жана Дарфурду

бөлүп, ал жерге Хамидатийди өкүмдар кылып дайындайт. Себеби, Хамидатий – ал жердеги алтын кенин көзөмөлдөп жатканын эсепке алсак – бул регионду көзөмөлдөшүнүн ыктымалы басымдуу.

в) Эгер, европачыл күчтөр манёвр кылуу максатында Американын малайларынын бирине (маселен Хамидатийге) кошулуп сапка тизилсе, Америка бул малайы четке чыгып, башка бир малайына моюн сунууну, экинчи малайынан болсо европачыл күчтөр тарткан сапты бузуу үчүн Судандагы аскерий кескиндикти башкарууну талап кылышы мүмкүн...

Бешинчи: ошентип, бул малайлар өз кожоюндары сыяктуу адамдардын ахвалына жана коопсуздугуна кайгырбастыгы айкын болду. Анткени, алар өз тактыларында олтуруп, кожоюндарынын буйруктарын аткаруудан башка несени ойлошпойт. Мына, адамдар Рамазандын акыркы он күндүгүндө бири-бирин куттуктап, бир-бирин зиярат кылуу үчүн Айт майрамын күтүп турганда бул канкор кылмышкерлер адамдардын коопсуздугун бузушту... О.э. адамдардын канын төгүшүп, чар тарапты талкалашты, адамдарды үйлөрүнө камап, иштерин токтотушту. Алар бул нерселерди Аллах, Расулу жана момундардын душмандарын ыраазы кылуу үчүн жасашты. Ошондуктан, адамдар Америка жана Британия малайларынан турган эки тарапты тең четке кагышып, аларды кулатууга жана Судан перзенттери арасындагы калыс аң-сезимдүү жаштарга т.а. Пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалык мамлекети долбоорун көтөрүп чыккан, маъруфка буюруп, мункардан кайтарып жаткан Хизб ут-Тахрир мүчөлөрүнө нусрат-жардам бериши зарыл. Мына ошондо Хизб мүчөлөрү өлкөнү бүткүл малайлардан тазалап, өнүктүрөт, ыдыроосун жана бөлүнүшүн алдын алат. Андан соң Аллах аларга ырайымдуулук көрсөтүп, күч-кубаттуу кылат.

﴿وَالْمُؤْمِنُونَ وَالْمُؤْمِنَاتُ بَعْضُهُمْ أَوْلِيَاءُ بَعْضٍ يَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَيَنْهَوْنَ عَنِ الْمُنْكَرِ وَيُقِيمُونَ الصَّلَاةَ وَيُؤْتُونَ الزَّكَاةَ وَيُطِيعُونَ اللهَ وَرَسُولَهُ أُولَئِكَ سَيَرْحَمُهُمُ اللهُ إِنَّ اللهَ عَزِيزٌ حَكِيمٌ﴾

«Мумин эркек жана муминалар бир-бирине дос. Алар жакшылыкка үндөшөт, жамандыктан токтотушат, намазды толук аткарышат, зекетти беришет.

Аллах жана Анын пайгамбарына моюн сунушат. Дал ошолорго Аллах ырайым кылат. Албетте, Аллах кудуреттүү, даанышман» [9:71]

**5-шаввал, 1444-м.**

**25-апрель, 2023-м.**

**Женевадагы сүйлөшүүлөр жана Судандагы согушту токтотуу аракети**

**Суроо:** ***Суданда 16 айга жакын убакыттан бери уланып жаткан согушту токтотууга аракет кылуу максатында Женевада сүйлөшүүлөрдүн ачылыш сессиясы өткөрүлдү. 2024-жылдын 14-августунда өткөн сүйлөшүүгө ортомчулук кылып жаткан АКШ, Швейцария, Сауд Арабия, Египет, БАЭ, Африка Биримдиги жана Бириккен Улуттар Уюмунун өкүлдөрү катышты. Ал эми, Судан армиясы сүйлөшүүлөргө катышкан жок. Америка Жидданын ордуна Женевада конференция өткөрүүсү жана катышуучуларды кеңейтүү чакырыгынын себеби эмнеде? Эмнеге армия келген жок? Американын Женевадагы сүйлөшүүлөргө чакыруусу ок атышууну токтотууга жетишүүбү же убакытты созуу аракетиби? Же мунун Британиялык күчтөргө тиешеси барбы? Анда эмне үчүн Эль-Фашерде кайра-кайра тирешүүлөр орун алып жатат жана анын эки тарап үчүн кандай мааниси бар? Рахмат.***

**Жооп:** Жогорудагы суроолорго жоопту тактоо үчүн биз төмөнкү маселелерди карап чыгабыз:

Биринчи: Биз 19.12.2023 чыгарылган суроо-жоопто айтканбыз: “...Конфликт тез арада чечилбейт. Ал убакытты талап кылышы мүмкүн. Анткени, ал жерде маселе Америкачыл эки тараптын ортосундагы чыр-чатак чектөөгө багытталган. Бул Армия командачылыгы жана Ыкчам колдоо командачылыгы ортосундагы чыр-чатак. Жаңжалдын жыйынтыгын Америка алардын ортосундагы ролдорду бөлүштүрүү менен көзөмөлдөйт. Демек, британчыл жана европачыл оппозиция 2023-жылдын апрель айынын орто ченинде башталган жаңжалдан бери шал бойдон калууда. Кийин ал минимумга чейин алсыратылат.

Муну тактоо үчүн биз төмөнкүлөрдү түшүндүрөбүз: 2023-жылы 21-ноябрда Ыкчам колдоо күчтөрү Чыгыш Дарфур штатынын борбору Эль-Дайн шаарын басып алган. Ошондой эле ал жердеги 20-дивизия армиясынын штаб-квартирасын согушсуз басып алган. Кагылышуулар жарандарга зыян келтирет деген шылтоо менен армия ал жерден чыгып кеткен! Ыкчам колдоо күчтөрү билдирүүсүндө: "Жеңиштер чыныгы тынчтыкка кенен эшик ачат жана Чыгыш Дарфур вилаяты Эль Дайн менен бирге коргоо астында коопсуз бойдон кала берет", - деди. (Аль-Жазира 22.11.2023). Эскерте кетсек, Аль-Дайн Ризеигат уруусунун чеби болуп саналат. Ыкчам колдоо күчтөрүнүн командири Дагло жана анын көпчүлүк башчылары жана мүчөлөрү ошол уруудан. Ага чейин бул күчтөр Түштүк Дарфур штатынын борбору Ньяла шаарын, Борбордук Дарфур штатынын борбору Залингей шаарын жана Батыш Дарфур штатынын борбору Эль-Женейна шаарын басып алышкан. Эми Түндүк Дарфур штатынын борбору жана Дарфур чөлкөмүнүн саясий жана административдик борбору Эль-Фашер шаарын ээлөө гана калды. Ыкчам колдоо күчтөрү Эль-Фашерди басып ала турган болсо, алар британчыл жана европачыл кыймылдарга, өзгөчө “Суданды боштондукка чыгаруу” кыймылына жана “Адилеттик жана теңдик” кыймылына кыйратуучу сокку урган болот...”.

Биз дагы ошол эле жоопто айтканбыз: “Бул кыймылдар Эль-Фашерди коргоого чечкиндүү, антпесе алар жок болот. Айрыкча, Эль-Фашер шаары стратегиялык орунду ээлегендиктен, анын чек аралары Ливия, Чад жана Дарфур аймагынын батыш шаарлары менен байланышкан.

Ыкчам колдоо күчтөрү армиянын алдында Дарфурга багыт алып, өлкөдөгү негизги оппозицияга айланды. Суданда Американын эки канаты болот: Саясий канат - оппозицияны жетектеш үчүн курал көтөрүүдөн баш тартпай турган Ыкчам колдоо күчтөрү. Аскерий канат - армиядан турат. Ошентип, эки канат Американын кызыкчылыгына кызмат кылат.

Эмне үчүн Ыкчам колдоо оппозициясы куралдан куру эместигине келсек, мунун эки себеби бар: Биринчиден, британ агенттеринен турган европачыл оппозицияны ооздуктоо, аны саясий жактан жок кылуу оңой эмес. Ошондуктан, аны аскердик жактан жок кылуу зарыл. Экинчиси, Дарфурда Ыкчам колдоо күчтөрү саясий оппозиция болушу керек. Американын кызыкчылыгы Түштүк Судандан кийин дагы бир бөлүнүүнү талап кылса, Дарфурдагы бул бөлүнүүнү ал аркылуу ишке ашырат. Бул бөлүнүүнүн учуру келе элек окшойт. Тескерисинче, учурда ага шарт даярдоо жүрүп жатат...”. Жооптун аягы.

Ошондуктан, Эль-Фашер бардык тараптар үчүн маанилүү. Америка жана анын жолдоочулары (Армия жана Ыкчам колдоо күчтөрү) үчүн бул шаар Түштүк Судандан кийин дагы бир бөлүнүү талап кылынса, Дарфурда Ыкчам колдоо күчтөрү куралдуу күчкө ээ болгон саясий оппозицияга айлануусу үчүн маанилүү.

Бул европачыл оппозиция үчүн да маанилүү, анткени алардын Дарфурда Эль Фашерден башка таяна турган эч нерсеси калган жок. Эгерде алар андан чыгарылса, бул оппозиция жок болорун түшүндүрөт. Айрыкча, Эль-Фашер шаары стратегиялык маанилүү жерде жайгашкандыктан, анын чек аралары Ливиянын, Чаддын жана Дарфур аймагынын батыш шаарларынын чек аралары менен байланышкан. Ошондуктан, алар ал жерде айыгышкан салгылашуу жүргүзүүдө. Ыкчам колдоо күчтөрү ушул убакка чейин Эль-Фашерди басып ала албай койду. Эль-Фашер армиянын Дарфурдагы акыркы таянычы эсептелсе да, алар Ыкчам колдоо күчтөрүнө каршы оппозиция менен бирге олуттуу күрөшпөй жатышат. Болбосо, армия жетиштүү күчкө ээ болгондуктан, Ыкчам колдоо күчтөрүнүн аракеттерин токтотмок. Бирок Америка планы армиянын жана Ыкчам колдоо күчтөрүнүн ал жерде калышын, биз жогоруда айткан максатта европачыл оппозицияны жок кылуу же сиңирип алуу үчүн калтырууну каалайт!

Экинчиси: Женева конференциясы тууралуу суроолорго келсек, биз аларды төмөнкүдөй карап чыгабыз:

АКШнын мамлекеттик катчысы Блинкен 2024-жылы 23-июль күнү мындай деди: “Вашингтон Судан армиясын жана Ыкчам колдоо күчтөрүн АКШ тарабынан 2024-жылдын 14-августунда Швейцарияда башталa турган ок атышууну токтотуу сүйлөшүүлөрүнө катышууга чакырды. Сауд Арабиясы демөөрчүлүк кылган сүйлөшүүлөргө Африка Биримдиги, Египет, БАЭ жана Бириккен Улуттар Уюму байкоочу катары катышат. Сүйлөшүүлөр өлкөдөгү зордук-зомбулукту токтотуу, гуманитардык жардамдын муктаж болгондордун баарына жетүүсүн камсыз кылуу жана кандайдыр бир келишимдин аткарылышын камсыз кылуу үчүн күчтүү мониторинг жана текшерүү механизмин түзүү максатын көздөйт. Сүйлөшүүлөр кеңири саясий маселелерди чечпейт". (AFP, 23.7.2024).

Ал эми, Жиддада өткөн сүйлөшүүлөрдүн мурунку айлампасы Америка тарабынан атайылап эч кандай жыйынтыкка жетүүнү максат кылган эмес. Анткени, ал өз көзөмөлүндөгү эки тараптын тирешүүсүн токтоткусу келген жок. Блинкендин “Сүйлөшүүлөр кеңири саясий маселелерди чечпейт" дегени Женевадагы жолугушуу эки тараптын ортосундагы согушту токтотууга алып келбейт дегенди билдирет. Сүйлөшүүлөрдү өткөрүү жөн гана сүйлөшүүлөр өткөрүү үчүн! АКШнын Мамлекеттик департаментинин басма сөз катчысы Мэтью Миллердин билдирүүсү муну ырастайт. Ал мындай дейт: “Бул макулдашууга жетишүү мүмкүнчүлүгүнө баа бере албайт. Бирок биз жөн гана эки тарапты сүйлөшүү үстөлүнө кайтарууну каалайбыз. Бул акыры ок атышпоо келишимине жетишүү үчүн мүмкүнчүлүк болот деп үмүттөнөбүз”. (The Independent, 24. 07. 2024).

Британия Америка чакырган Женева сүйлөшүүлөрү бир чечимге алып барбай турганын билген. Анын Судан боюнча Бириккен Улуттар Уюмундагы өкүлү Рамтан Ламамра 2024-жылы 29-июлдагы Коопсуздук Кеңешинин жыйынында 14-августта Америка өткөрүүгө чакырып жаткан Женевадагы

сүйлөшүүлөрдү сыпаттап мындай деди: "Узунураак жана татаал процесстеги шыктандыруучу биринчи кадам”. (Шарк аль-Авсат, 29.07.2024). Башкача айтканда, ал бул жолугушууда бир чечимге келбей турганын, тескерисинче, Женевадагы Рона дарыясынын жээгиндеги ушак сүйлөшүү экендигин билдирди! Белгилей кетсек, чабарман Рамтан Ламамра Алжирдин мурдагы тышкы иштер министри. 2024-жылдын 26-27-июлунда болуп өткөн Жибути жолугушуусунда Суданга байланыштуу сүйлөшүүлөргө Евробиримдик менен Британянын катышуусу үчүн иштеген Британ агенти. Ага Европа Биримдигинен тышкары 20дан ашык өлкө катышкан. Белгилей кетсек, Америка Рамтан Ламамранын Ливияга чабарман болуп дайындалышына тоскоолдук кыла алган. Бирок, Британия аны Бириккен Улуттар Уюмунун Суданга өкүл кылып дайындай алды.

Ошентип, Америка Тышкы иштер министри аркылуу Швейцарияда конференция өткөрүүгө чакырар замат, Ыкчам колдоо күчтөрүү дароо жооп берди. 2024-жылы 23-июль күнү кечинде Ыкчам колдоо күчтөрүнүн башчысы Мухаммад Хамдан Дагло Х платформасы аркылуу Блинкендин чакыруусун кубаттап, мындай деди: "Мен 2024-жылдын 14-августунда Швейцарияда боло турган ок атышууну токтотуу боюнча сүйлөшүүлөргө катышаарыбызды жарыялайм". Бул Дагло чакыруу тууралуу кабарды мурда билгенин ырастайт. Анын себептери тууралуу АКШнын Мамлекеттик департаментинин каналдары аркылууу кабардар болгон. Анткени, ал жооп берүүдөн эч тартынган жок. Ал эми, армиянын командири жана Эгемендик Кеңештин башчысы Аль-Бурхандын сүйлөшүү тууралуу кабары болсо да, алдын ала маакулдашып алганын билдирбөө үчүн жоопту кечиктирди. Мындан максат Аль-Бурхан көз карандысыз жана Америкага каршы чыга тургандай көрүнүү эле. Ал Америка менен Женева конференциясы тууралуу чечимди Американын уруксатысыз кабыл алып же четке кага ала тургандай түр көрсөттү! Андан кийин ал сүйлөшүүлөрдүн ийгиликсиз болгонун жарыялады. Ыкчам колдоо күчтөрү менен сүйлөшүүлөргө армиянын

катышуусуна жол ачкан кеңешме токтоп калганын расмий жарыялады. Ал муну Суданда жайгашкан армия башчылыгы тарабынан колдоого алынган өкмөттүн суроо-талабына жооп катары кылды. Консультациялар Сауд Арабиянын Жидда шаарында өттү. Бул Женевада белгиленген келерки шаршемби күнү өтө турган сүйлөшүүгө коркунуч туудурду. Маалымат булактардын айтымында, консультациялардын натыйжасыз болушуна алып келген пикир келишпестиктердин негизгилери Судандык делегация IGAD менен Бириккен Араб Эмираттарынын “байкоочу” катары катышуусун четке кагуу болду. Сүйлөшүүлөргө катышуу армиянын эмес, өкмөттүн атынан болушу керек. Ал башка сүйлөшүүлөргө кирүүдөн мурда “Жидда гуманитардык декларациясын” ишке ашыруудан башташы керек. Делегациянын башчысы Абу Наму “арканды желге калтырып” сүйлөшүүлөргө катышуу боюнча чечим кабыл алган жок. Тескерисинче, “маселе акыры жетекчиликтин чечимине жана баалоосуна жараша болот” деп жетекчиликтин эркине калтырды. (Шаркуль-Авсат, 13.8.2024).

Ошентип, Жидда кеңешмелеринде Швейцария жолугушуусуна макул боло алышпады жана мунун себеби, чакырык армиягабы же өкмөткөбү деген суроо чечилбегенинде болду! Аль-Бурхан Американын Женева жолугушуусу жөнүндөгү өтүнүчүн, эгер ал олуттуу болсо да четке кага ала тургандай түр жаратты! Негизи, Америка Судандагы Европа таасирине чек койгуча тараптарды сүйлөшүү маселеси менен алек кылууну көздөгөн. Ал алдыдагы шайлоодо өзү үчүн натыйжалуу чечимге жетүүсү керек.

Америка Судан маселесин чечүүнү ушул убакка чейин создуктуруусунун себебине келсек, бул Суданда европачыл жана британчыл тараптардын дагы эле күчтүү болушунда. Жогоруда да айтылгандай, Америка Бурхан менен Хамидтинин ортосундагы кагылышууну баса белгилеп, европалык күчтөрдү четтетүү үчүн аракет кылды. Бирок азырынча бул максатына жете элек. Себеби Британия Судандагы активдүүлүгүн БАЭ тарабынан күчтөндүрүп алды. Согушту токтотуу үчүн тынчтык күчтөрүн

киргизүүнү жана сүйлөшүүлөргө британ агенттеринен турган жарандык күчтөрдү тартууну Кения аркылуу талап кылды. Бирок, Кениянын талабы ийгиликсиз болгонунан кийин, алар "согушту токтотууга жана жарандык күчтөрдү тартууга" жетише алышкан жок.

Судан өкмөтү жана Аль-Бурхан муну билишет. Анткени Судан менен БАЭнин өкүлдөрү арасында 2024-жылдын 18-июнунда Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук кеңешинин сессиясында чыр чыккан. Судандын өкүлү Идрис Аль-Харис ырастагандай, “БАЭ Ыкчам колдоо күчтөрүнө колдоо көрсөткөндүгү тууралуу далилдер бар”. БАЭнин өкүлү Мухаммад Абу Шахаб болсо “жалган айыптоо” деп жооп берип, мындай деди: "Судандагы чыр-чатакты жеңүү аскерий жөнгө салуу аркылуу болбойт. Сүйлөшүү үстөлү аны чечүүнүн жалгыз жолу". (CNN, 19.6.2024). Бул билдирүү менен БАЭ Суданда уланып жаткан кагылышууга кийлигишип жатканын жарыялады. Анын алдында эки тарап дипломаттарды өлкөлөрүнөн чыгарып жиберген. Америка Судандагы малайларын Армия командачылыгына же Ыкчам колдоо командачылыгына жайгаштыруу менен аларга каршы ойногон оюнду Британия да ойной баштады. Британия Эмираттар аркылуу өз агенттерин коргоо жана алардын катышуусун күчөтүү үчүн Ыкчам колдоо күчтөрүн колдой баштады. Ушул себептен Ыкчам колдоо күчтөрү алардан кутула албайт же башкарууну толук колуна ала албайт. Британ агенттери бул ишти 2021-жылы Аль-Бурхан жана Хамидти тарабынан кулатылган Судандын мурдагы премьер-министри Абдулла Хамдок жетектеген "Прогресс" координациясынын аты менен баштады... Алар байкаларлык чара көрө башташты жана 2024-жылдын 3-апрелинде Судандын прокуратурасы Хамдок баштаган координациялык жетекчилердин 16сын камакка алуу чечимин чыгарды. Аларга каршы “мамлекетке каршы кылмыштарга, конституциялык түзүлүштү бузууга, согуш кылмыштарын жана геноцид жасоого жардамдашты” деген айыптар тагылып, алардан прокуратурага багынып берүү талап кылынды. Бирок, өкмөт эч кимди камакка алган жок жана

алардын эч кимиси багынып бербеди. Бул болсо Бурхан режиминин британ малайларынын алдында эркинин алсыздыгын көрсөтөт. Андан кийин, Аль-Бурхан аны менен сүйлөшүүдөн да баш тартты. "Судандын Эгемендүүлүк кеңешинин төрагасы Аль-Бурхан бейшемби күнү Демократиялык жарандык күчтөрдүн координациясы (Такаддум) “Прогресс” менен сүйлөшүүдөн баш тартканын жарыялады." (Анадолу, 6.6.2024).

БАЭнин Ыкчам колдоо күчтөрүнө колдоо көрсөтүүсү анын кожоюну Британиянын Судандагы кызыкчылыгына туура келет. Бул Ыкчам колдоо күчтөрүнүн башчысы Дагло Британиянын агенти болгондуктан эмес. Тескерисинче, ал Американын агенти. Британия Дагло жана анын Ыкчам колдоо күчтөрү менен жанма-жан жүрүп ага таасир этип Судандагы Американын планын бузууну каалайт. Кудум Ливиядагыдай эле. Ливияда өзүнүн малайы Эмираттарга Америка малайы Хафтарга колдоо көрсөтүү аркылуу ага кирип барып, ага таасир өткөрүп, борбор Триполиде Британиянын малайларына каршы жүрүп жаткан арекетти ийгиликсиздике учуратууга жетишкен. Ошондой эле, Йемендин түштүгүнөн Америка малайы Хусийлерди кууп чыгып ал жерде таасирге ээ болуу үчүн БАЭге Йеменде да роль берген. Бул үчүн БАЭ Саудия башында турган “Аль-Хазм” альянсына кирип, ага таасир өткөрүүгө аракет кылды. Бул аркылуу Британия Ходейданы көзөмөлгө алууга жакын калды. Андан соң Хусийлерди кулатыш үчүн Санага бет алды. Эгер Американын Ходейда калкы ачарчылыктан жана оорудан өлүп жатат деген пропагандасы болбогондо аны алып коймок. 2018-жылдын 13-ноябрында Ходейда калкынын ачарчылыгы тууралуу Стокгольм конференциясы болуп өттү. Бул аркылуу Америка БАЭ жана анын союздаштарынын Йемендин түштүгүндө алдыга жылышын токтотту. Бул Британиянын эл аралык саясаттагы белгилүү куулук саясаты!

Ошондуктан, Америка Суданда чечим табууну создуктуруп жатат. Сүйлөшүүгө Ыкчам колдоо күчтөрү макул болду, армия баш тартты ж.б.у.с... Сүйлөшүүлөр Жиддадан Каирге, Каирден Женевага бир чечимди табуу үчүн

эмес, чечимди кечиктирүү үчүн көчүрүлүүдө. Башкаруудагы Убактылуу Эгемендик Кеңеши Американын Судандагы өкүлү Том Перриеллого таянып билдирүү жасады: “Америка өкмөтү менен болгон байланышка таянып, Жидда келишимин ишке ашыруу үчүн өкмөттүн көз карашы Каирде талкууланат. Өкмөт Египеттин чакыруусуна ылайык Каирге делегация жиберет. Жидда келишимине ылайык, Ыкчам колдоо күчтөрү жарандык аймактарды таштап кетүүсү керек... (Аль-Марсад-Араби, 19.8.2024).

Корутунду:

2024-жылы 14-августка белгиленген Женева конференциясы 10 күнгө созулушу пландалган. Анда Судан армиясы менен Ыкчам колдоо күчтөрүнүн ортосундагы согушту токтотуу үмүтүн билдирген чалгытуучу чечимдер чыгышы мүмкүн.

А. Женева сүйлөшүүлөрү Америка-Саудиянын көзөмөлү астында он күнгө чейин уланат... (Al Jazeera, 14.8.2024). Бирок ал натыйжасыз, кагаз жүзүндө гана калат. Ал убактылуу жана узакка созулбайт. Анткени, Америка өз максаттарына жете элек. Сүйлөшүүлөр гуманитардык жардам жеткирүү менен гана чектелет. Судан өкмөтү гуманитардык жардамды Чад менен чек ара аркылуу Адре өткөөлүнөн өткөрүүгө уруксат берерин жарыялады. Женева конференциясына катышкан жети эл аралык тарап бул кадамды кубаттады... (Sky News Arabic, 17.8.2024). АКШ Женева сүйлөшүүлөрүн жаңы үлгү катары сыпаттап, сүйлөшүүлөрдүн максаты жардам жеткирүү чөйрөсүн кеңейтүү жана гуманитардык коридорлорду ачуу экенин баса белгиледи. (Аль-Жазира, 20.8.2024).

Б. Америка Британиянын Судандагы таасирин жок кыла албай жатат. Өзгөчө анын Эмираттар сыяктуу аймактык агенттери жана “Такаддум” координациясы сыяктуу жергиликтүү агенттери аркылуу жасап жаткан тасирин жоготууга кудурети жетпей жатат. Бул Америка кайра эсептешип, Бириккен Араб Эмираттарын Женева конференциясына кошууга мажбур болгонунан да көрүнүп турат. Ал мурда “Эркиндик жана Өзгөрүү” сыяктуу

Европа күчтөрү менен эсептешпей, Судан маселесине байланыштуу ишти Жидда платформасында өзү менен малайы Саудиянын ортосуна чектеп койгон эле. Учурда БАЭни кошууга мажбар болду. Артында БАЭ турган “Эркиндик жана Өзгөрүү”дөн да эффективдүү болгон “Такадум” альянсы пайда болду. Буга чейин Америка согушту токтотуу үчүн чечим табууга олуттуу мамиле кылбастан, БАЭнин конференцияга кошулушун качуу жана алдоо катары көрүп келген!

В. Булардын баары Судандын мусулман калкы үчүн чоң жоготуу болуп саналат. Алардын арасындагы киши өлтүргүч жана өлтүрүлгөндөрдүн жазасы Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) айткандай болот:

«إِذَا الْتَقَى الْمُسْلِمَانِ بِسَيْفَيْهِمَا فَالْقَاتِلُ وَالْمَقْتُولُ فِي النَّارِ».

"Эгер эки мусулман кылычтары менен жолукса, өлтүргөн да, өлтүрүлгөн да тозокто болот".

Армиядагы жана элдеги ишенимдүү адамдар бул тил бириктирүүлөрдүн баарын кыйратып, малайлардан кутулуу үчүн чара көрүшү керек. Анткени, алар бул азап тозоктун негизги себепкери жана алар аркылуу колонизаторлор бул кутумдардын баарын ишке ашырууда. Андыктан, бардык калыс адамдар ондогон жылдар бою бул фитналарды ачыкка чыгарууну токтотпогон жана анын пикири ар дайым туура болгон Хизб-ут-Тахрирдин калыс саясий жетекчилигин колдоого аракет кылышы керек. Калыс бийлик адамдары Аллахтын динин колдоп жана ага жардам бериши шарт.

﴿وَلَيَنصُرَنَّ اللهُ مَن يَنْصُرُهُ إِنَّ اللهَ لَقَوِيٌّ عَزِيزٌ﴾.

“Албетте, Аллах ким ага жардам берсе, ага жардам берет Аллах кудуретүү жана улуу”.

**1446-х, 15-Сафар.**

**2024-ж, 20-август.**

## Танзания тууралуу

### Жигиттерге маалымат

Ислам Танзанияга, айрыкча Занжибарга абдан эрте жетип келген. Себеби, Танзанияда Ислам пайда болушунун биринчи белгилери хижраттын экинчи кылымында араб жарым аралы жана чыгыш Африка мамлекеттеринен келүүчү соода кербендери аркылуу болгон. Мындан тышкары айрым саякатчылар Орто Азиядан келип жээктерди өздөрүнө мекен кылып алышып, ошол региондо Исламий амирликке окшогон Исламий турмуш өткөрүшкөн. Мындай абал көпкө созулган. Мусулман саякатчы Ибн Баттута бул регионго келип «өзгөчө Исламий экономикасы менен айырмаланып турган күчтүү амирлик» деп сыпаттаган. Ал айыл-чарба продукциялары менен соода кылуучу Йемен соодагерлеринин көңүл борборуна айланган. Алардын калк менен аралашып кетиши мамлекетте Исламдын кең жайылышына эң жакшы себеп болгон.

Танзания Африканын чыгышында жайгашкан. Ал эки региондон турат, бири «Танжанико» деп аталат. Биринчи дүйнөлүк согушта Германиянын жеңилиши менен Британия Танзанияны өз көзөмөлүнө алганга чейин ал Германиянын коргоосунда болгон, 1961-жылы эгемендүүлүккө жетишкен.

Занжибар деген экинчи региону болсо түштүк араб жарым аралынан келген мусулман арабдардан турат. Португалиянын түндүк Африка жээктериндеги бийлиги жоюлуп, Занжибар Амманга көз каранды болгондон кийин, ага Бусиийлер үй-бүлөсүнөн он бир султан үзгүлтүксүз өкүмдарлык кылды. Алардын негизгиси султан Саид Акбар болду. Ал бул аралга 1800-жылы калемпирмончок эгүүнү алып кирди. Мунун акыбетинде мамлекеттин экономикалык абалы өсүп-өнүктү. Мамлекет, ал тургай, калемпирмончок жетиштирүү боюнча дүйнөдө жетекчи мамлекетке айланды.

Танзанияга биринчи болуп кирип келип, тышкы дүйнөнүн этибарын тарткандар арабдар болуп эсептелет. Аммандан жана түштүк Перс (азыркы Ирандын) Шероз элинен уруулар көчүп келишкен. Алар Африка жээктерине

жайгашып, өз сакафаттарын жана Исламий каада-салттарын жаюу үчүн жергиликтүү калктан үйлөнүшкөн. Бул эле эмес, балким борбор Дар-эс-салам шаарын араб султаны «Мажид ибн Саид» Занжибарга валий болуп турганда миладий 866-жылы арал (Занжибар) менен Африка материгинин ичкерисин бириктире турган чоң порт куруу максатында тикелеген.

Занжибар калкынын саны бир миллион, алардын 98%ын мусулмандар түзөт. Алардын көпчүлүгү «Анжужа жана Бамбо» аралдарында жашайт. Калганы насроний жана индустар. Токсонунчу жылдардын баштарына чейин араб тили кеңири жайылган болсо да Занжибар калкы жээк тилдеринде (расмий тили) сүйлөшүшөт… Британия баскынчылыгы калк арасында англис тилин үстөм кылуунун үстүндө иштеди.

Танзаниянын калкы 27 миллиондун тегерегинде. Батыштык жана расмий статистикалык маалыматтарда «калктын 40%ын мусулмандар, 40%ын насронийлер жана 20%ын динсиздер же Африка диндерине этикат кылуучулар түзөт» деп көрсөтүлгөн болсо да, реалдуулук калктын көпчүлүгү мусулмандар экендигин көрсөтүүдө. Мусулмандар сан жагынан үстөм болсо да, бирок, мамлекеттеги саясий жана экономикалык таасир насронийлердин колунда. Насронийлердин мамлекетке келүү тарыхы кийинчерээк миссионердик аркылуу болушуна карабастан, англис колонизаторлугу алардын таасирин бекемдеп, бийлигин кеңейтти. Мусулмандар жашаган аймактар эгемендүүлүктөн бери атайлап четтетүүнүн күбөсү болууда. Себеби, Танзаниянын эгемендүүлүк алгандан кийинки биринчи президенти Жулиюс Нерери тастыктаган өнүктүрүү пландарынын бардыгы кайрымусулмандар жашаган аймактарга каратылган.

Англия (Танжаникого) эгемендүүлүктү 1961-жылы берген. Занжибарга болгон коргоосун болсо 1964-жылы аяктады. Занжибар акимдери ошол убакта мусулман арабдардан болгондуктан Британия башкарууну өзгөлөргө т.а. африкалык жана шероздуктарга алып бермекчи болду. Ушуга ылайык, өз малайы Абид Каррумий жетекчилигинде «үрөй учурган козголоң» деп

таанылган көтөрүлүштү келтирип чыгарды. Бул 1964-жылы Британия Занжибарга болгон коргоосун аяктаган учурга туура келди. Бул козголоңдо мусулман арабдардан жана индустардан жыйырма үч миң киши өлтүрүлдү. Көпчүлүгү качып кетти. Алардын эгин талаалары жана дүкөндөрдөн турган мал-мүлктөрү басып алынды. Ошол убакта «Афру Шерозий» партиясына жетекчилик кылган Абид Каррумий зомбулук менен бийликти ээлеп, республиканы жана жасалма көз карандысыздыкты жарыялады.

Ошол жылы, 24-апрелде т.а. Каррумий Занжибарды басып алгандан үч айдан кийин Занжибар менен Танжанико ортосундагы союз Танзания союздук республикасы наамы астында эки президент «Нерери менен Абид Каррумий» ортосунда түзүлгөн союзду жарыя кылды. Т.а. Занжибар жаңы мамлекеттин бир бөлүгүнө айланды, ошону менен бирге автономияны сактап калды. Ал өз президенти, депутаттар палатасы, премьер-министри, өкмөтү жана атайын конституциясына ээ болду. Бирок, союздук өкмөтү тышкы саясат, коргонуу, коопсуздук, таалим-тарбия, чегараларды башкарууну өзүндө сактап калды!

Бул жарыянын артында Англия турган. Анткени, ал Танзания президенттигин өзүнүн малайы Жулиюс Нерериге тапшырды. Себеби, ал Танзанияда «Африка улуттук союзу/TANU» партиясын Занжибарда Абид Каррумий башчылык кылган «Афру-Шерозий/ASP» партиясы менен бириктирди. (Бул партия «Африка-Афру» менен «Форсий -Шерозий» партиялары ортосундагы союздан түзүлүп, Занжибарда мусулмандарды бийликтен четтетүү үчүн уюштурулган эле). Бул эки партиянын ордуна 1977-жылы «Шама Ша Мапиндузи» (Chama Cha Mapinduzi CCM) т.а. революциялык партия түзүлдү.

Танзаниянын биринчи региону «Танжанико» 1961-жылы эгемендүүлүккө жетишти. Экинчи региону «Занжибар» болсо 1964-жылы эгемендүү болду. Андан кийин алар биригишти. Танзания ошол убакыттан тартып, 1985-жылы Жулиюс Нерерининин президенттиги аяктаганга чейин

жалгыз партиялуу режим менен өкүмдарлык кылып, аны Англия көзөмөлдөгөн.

1985-жылы президенттикке Али Хассан Мивиний (Ali Hassan Mwinyi) отурду. Анын башкаруусу 1995-жылга чейин уланды. Жеке акимдик партия (CCM) да уланды. Ал башкаруусунун алгачкы доорунда Нереринин мектебин бүтүргөндүгү билинип турган болсо да, бирок Америка, айрыкча экономикалык тармак болгон «базар экономикасында» өкүмдар партияга да, президенттин өзүнө да олуттуу таасирин өткөрүүгө киришти. Натыйжада, Али Хассан мамлекеттин жеке акимдигин жеңилдетүү, өкмөттүн экономикага койгон чектөөлөрүн бошоңдотуу, инвесторлордун Танзанияга киришин жана карыз алууну жеңилдетүү иштерин аткарды.

Американын негизги таасири көп партиялуулук түзүмүн киргизүү аркылуу президентке таасир өткөрүүсү болду. Өкүмдар партия CCMдин айрым адамдары билдирген каршылыктар пайда бербеди. Анткени, Америка өкүмдар партиянын ичине кирүүгө жетишкен эле. Ушуга ылайык, 1992-жылы, февраль айында Танзания көп партиялуулук түзүмүн кабыл алууга токтом кылды. Кийин 1995-жылы Танзанияда биринчи шайлоо өткөрүлүп, көп партиялуулукка өттү.

Америка малайы Бенжамин Мкапа башчылыгында (CCM) партиясы жеңип чыгып, Мкапа президент болду. Андан кийин биринчи президенттик мөөнөтү аяктаган соң, экинчи жолу дагы президенттикке талапкерлигин койду. Бул шайлоодо да жеңишке жетишип, анын мөөнөтү 2005-жылы аяктады. Ошол эле учурда, ал CCMдин жаңы абалындагы жетекчиси болуп калды.

Америка Мкапанын режиминен терроризмге каршы күрөштө пайдалануу үчүн о.э мамлекетти Американын чыгыш Африкадагы иш-чараларына база катары иштетүү үчүн, президенттик доорунда ага материалдык жактан жардам берип турду.

Мкапа Дүйнөлүк Банк жана Эл Аралык Валюта Фонду көрсөткөн саясатты жүргүздү. Ал өзүнөн мурунку президент Али Хассан бийлигинин акыркы убактарында башталган экономиканы эркиндештирүүгө ашыкты. Ал мамлекеттик мекемелердин көбүн, ошону менен бирге улуттук соода банкын да менчиктештирүүгө киришти. О.э. ал эркин базар саясатын кабыл кылды. Анын койгон кадамдарынын натыйжасында Дүйнөлүк Банк менен Эл Аралык Валюта Фонду Танзаниянын 2 миллиард доллар карызын кечти. Бул болсо, мамлекет карызынын жарымы эле. Мындан тышкары Дүйнөлүк Банк жардам катары ага 3 миллиард доллар берди.

Американын бул жардамдары өз таасирин өткөрүп, инфляцияны 4%га төмөндөттү. Мындан мурун 1995-жылы т.а. Мкапа шайланган убакта ал 27.1%га жеткен эле. Жылдык экономикалык өсүш 3.6%дан 6.7%га жетти. Чет элдик акча запастары да көбөйдү… Ошентип, Мкапанын рейтинги көтөрүлүп кетти.

Бирок, аскерий курал-жарактарга о.э. кооптуу иштерге жумшаган каражаттары башкаруусунун акыркы убактарында анын рейтингин түшүрүп жиберди. Мисалы, ал радар түзүмүн (BAE) сатып алуу үчүн 60 миллион доллар сарптады, бул үчүн ал жергиликтүү жана эл аралык майданда сынга учурады. Мкапа келген акчанын эсебинен шаан-шөкөткө берилип кетти. Мисалы, ал өзү үчүн 15 миллион долларлык самолёт сатып алды. Ал мурунку финансы министри (Дония Юно) менен Танзания дөңсөөсүнүн түштүгүндө жайгашкан (Kiwira) көмүр кенин ээлеп алууда кызматташтык кылгандыкта айыпталды.

Америка малайы Мкапанын финансылык паракордугунан Британия өнүмдүү пайдаланды. Мисалы, анын алып барган саясаттарын сындай баштады. Бул сындардын айрымдары, ал тургай тышкы көрүнүшүнөн Америка саясаты менен үндөштөй болуп, ошол эле учурда парда артынан аны сындай турган Британиянын адаттагы саясатынан ашып түштү. Бирок, бул жолу анын сындары сезилерлик болду. Британия мамлекетти өнүктүрүү

министринин 2001-жылы BBC радиосуна берген интервьюсунда Вашингтондогу неоконсерваторлорго чабуул жасап, алардын Танзаниядагы саясатын келесоолук деп сыпаттап: «Билишимче, бул келесоолорчо өзүм билемдик» деди.

Мкапа паракордугунун жыты мурундарды ушунчалык ачыштырып жиберди дейсиң, ал тургай Америка сындардын күчөп кетишинен… натыйжада ал жердеги таасиринин бошондоп кетишинен коркуп, сахнага азыркы «Амришио Киквете»ни алып келди. Ага Мкапанын экинчи президенттик мөөнөтү аяктагандан кийинки 2005-жылкы шайлоодо жеңип чыгуусуна шарт жаратты. Мурунку президентке да ушундай жардам көрсөткөн болчу. Кыскасы, Киквете ССМге жетекчи болуу менен бирге мамлекет президентине да айланды.

«Киквете» жеңип чыккандан кийин паракордук (коррупция) жана паракорлор тууралуу о.э. аларга буктурма коюу керектиги тууралуу көптөгөн билдирүүлөрдү бере баштады. Билдирүү бере берип, жада калса мурунку бийликтин убагында узак убакыт тышкы иштер министри болуп иштегенине карабастан, өзү тууралуу  эң таза аким деген элести жаратты!

Ал бул тармакта иш жүзүндө кадамдарды койду. «Эльвард Ловасса Lowassa» өзүнүн досу болушуна карабастан ал башчылык кылган өкмөттү ошол жылы т.а. 2008-жылдын баштарында таркатып жиберди. Буга парламент комиссиясынын 2008-жылы, февраль айында «Ричмонд өнүгүү компаниясынын/Richmond Development Company» өздөштүрүп алуулары тууралуу билдирүү чыгарышы себеп болду. (Ал жалган кадам Америка компаниясы болсо керек). Анткени, бул компания 2006-жылы Танзания менен энергия иштеп чыгаруу тууралуу келишимге кол койгон. Отчётто көрсөтүлүшүнчө, жогорудагы премьер-министрдин ага тиешеси болгон жана өздөштүрүлгөн акчалар (172 миллион доллар) деп эсептелген.

«Киквете» өкмөттү таркатып жибергенден кийин жаңы премьер-министрликке «Мизенго Каянза Петер Пинданы» (Mizengo Kayanza Peter Pinda) тандады жана парламент аны макулдады.

Коррупцияны жана өздөштүрүп алууларды тыюу боюнча ачык аракеттер жасалганына карабастан, анын сезилерлик чыныгы натыйжалар менен аякташы ыктымалдан алыс. Анткени, өздөштүрүп алууларга тиешелүү текшерүүлөр ар сапар өкүмдар катмар жана анын топторуна барып такалат. Ошондуктан, белгилүү сызыктардан өтүп болбойт. Мунун акыбетинде көптөгөн иштер жазасыз жабылып кетүүдө. Премьер-министр «Пинда» 2008-жылы, 11-апрелде Танзаниянын «Мужтамаъ» газетасына: «Өздөштүрүп алууларга өкмөт ичинен аралашып калган кишилерге карата жаза колдонуп болбойт. Анткени, алар «мыйзамдан чыкпаганбыз» деп дааба кылып жатышат» деп билдирүү берди. Премьер-министр акыркы өздөштүрүп алуулар ал бийликке келгенден бери эң чоң өздөштүрүп алуу болгон деп көрсөткөн болсо да, аларды токтотуу жана аларга түпкү чечимди табууга үмүтсүз болуп калган эле.

Ошентип, Америка тышкы иштер министрлигинин интернеттеги «state department» сайтында мындай делет: (… Кошмо Штаттар Кения менен ар дайым жакшы мамиледе болгон. 1998-жылы Американын Дар-эс-саламдагы элчиканасы жарылгандан кийин мамилелер кызуу түс алды. Анткени, бул мамиле терроризмге каршы күрөш жана мыйзамдын колдонулушу аттуу нерселерди курчап алды…) Амришио Киквetенин шайланышы менен мамлекеттер ортосундагы мамилелер болуп көрбөгөндөй даражада кызуу түс алып өсүп-өнүктү, эгемендүүлүктөн бери мындай абал күзөтүлгөн эмес. Киквете 2006-жылдын май айында Кошмо Штаттарга барып, тышкы иштер министри Райс, вице-президент Дик Чейни менен, андан кийин президент Буш менен учурашты. Буш ошол жылы Нью-Йоркто аны менен кайрадан атайын жолугушту. Киквете саясий, аскерий, экономикалык, жалпысынан

бардык тармактарда Кошмо Штаттар менен мамилелерди бекемдемекчи болуп жатат…

Кошмо Штаттар саламаттыкты сактоо, демократия, экология тармактарындагы программаларды ишке түшүрүү жана атайын секторду өнүктүрүү боюнча каражаттар менен камсыздап келе жатат. Американын жылдык жардамдары 20 миллион долларга жетет. Танзания (PEPFAR) (СПИД)ге каршы күрөшүүгө жардам боюнча негизги программадан пайдалануучу эң чоң мамлекеттерден болуп саналат. Малерияга каршы күрөшүү (PMI) боюнча да негизги демилгечи мамлекеттерден болуп саналат.

О.э. ал Millennium Challenge Corporation (MCC)дан болуп эсептелет. Анткени, ал 2007-жылы, сентябрь айында Танзания «мугалимдерин камсыздоо аркылуу таалим-тарбия иштерине этибар берүүчү о.э. саламаттыкты сактоо жана айлана чөйрөнү сактоо иштерине этибар каратуучу бул уюмдан абдан чоң пайдалануучу мамлекет» деп жарыя кылды. Ушул тармакта пайдаланган каражаттары 698 миллион долларга барабар болду.

Лора Буш айым да 2005-жылы, июль айынын ортолорунда Дар-эс-салам жана Занжибарга сапар кылды. 2008-жылы, февралда президент Буш эки күндүк расмий сапар менен Танзанияга келип, ал жерде президент Киквете менен учурашты жана Американын Танзаниядагы жардам программаларынан пайдалануучу бир канча борборлорду барып көрдү.

Ушуну айтып өтүшүбүз керек, Танзания алтын, күмүш, уран, көмүр сыяктуу көптөгөн табигый байлыктарга ээ… Бирок, көпчүлүк калктын жылдык кирешеси (250) доллардан ашпайт. Себеби, Америка, Европа жана Индия компаниялары «аларга тарапкеч болгон айрым жергиликтүү кызыкдар кишилер менен биргеликте» Танзаниянын табигый газ жана нефть секторлоруна ээлик кылышат. Жакында Танзанияда нефть жана табигый газга бай 12 региондун бар экендиги аныкталды. Ал биомасса, табигый газ (бир триллион куб метр деп күмөн кылынууда), суу электр энергиясы

(Hudropower), көмүр, жер астындагы ысыктык энергиясы (Geotherma), күн энергиясы жана шамал энергиясы сыяктуу ар түрдүү, али ачыла элек энергияларга да бай.

Танзания ушунчалык мол-көл булактарга ээ болгону үчүн дүйнө этибарын, айрыкча Америка этибарын өзүнө тартууда. Мисалы, Америка президенти Буш февраль айында Африкага жасаган сапарында негизги этибарын Танзанияга каратты. Себеби, ал жардамдар программасы аркылуу 17-февралда Танзанияга 698 миллион долларлык жардам берди.

[Алынган булак:http://www.mca.gov/countpes/tanzania/index.php].

Ал эми, эл аралык күрөш жагынан каралса, белгилүү мааниде Танзанияда күрөштүн өзү жок. Анткени, президент Али Хассан доорунун акыркы убактарынан баштап, андан кийин Мкапа доорунан азыркы президент Киквете дооруна чейин – жогоруда айтып өткөнүбүздөй – ал жерде Американын таасири өкүмдар.

Бирок, келип чыгышы араб болгон, айрыкча, «Бимбо» аралындагы кишилердин башына түшкөн зулумдун акыбетинде Занжибарда жергиликтүү күрөш башталды. Чындыгында Занжибарда күрөш болууда. Бул күрөш (Жулиюс Нерери) өзүнүн «Африка Танжанико улуттук союзу/ TANU» партиясын (мусулман арабдарга каршы болгон) Занжибар «Афру-Шерозий/ASP» партиясы менен бириктирип, революциялык партияга (Chama Cha Mapinduzi /CCM) негиз салгандан баштап уланып келүүдө. Мамлекет 1992-жылы Али Хассан доорунда көп партиялуулук дооруна кирген убакта Бимбодо калктын көпчүлүгүн түзүүчү мусулман арабдар «Chama Cha Vononchi»(Civic United Front - CUF)ни түзүштү. Ошол күндөн тартып атаандаштык башталды жана бул күрөш (Chama Cha Mapinduzi /CCM) партиясы менен «Chama Cha Vononchi»(Civic United Front - CUF) партиясындагы оппозициялык жетекчилер ортосунда дагы эле уланууда.

2000-жылдагы шайлоодо (CCM) партиясынан (Абид Каррумий) жана мамлекеттин мурунку президентинин уулу өз атаандашы болгон (CUF)

партиясынан (Сайф Шариф Хамд) үстүнөн жеңишке жетишкенден кийин, кандуу окуялар күчөдү. Мунун акыбетинде (CUF) партиясынан болгон 16 депутат парламенттен кууп жиберилди. Эки партия ортосунда 2001-жылдын октябрь айында «Келишүү-1» деп аталган өз ара келишүү болушуна карабастан, тараптар ортосундагы өз ара талаштар түгөнбөдү. 2005-жылкы шайлоо өтөрү менен эле ушуга окшогон окуялар башталып кетти. Мунун акыбетинде өкмөт тууpасында өз ара келишүү максатында учурашуу өткөрүүгө чакырылды жана ал «Келишүү-2» деп аталды. 15 айдай уланып, эч бир натыйжага жетише албаган соң, бул учурашуулар 2008-жылдын апрель айында (CUF) партиясынын «тараптардын өкмөттө катышуусу тууpасында референдум өткөрүлсүн» деген талабына (CCM) партиясы каршылык катары учурашуулардан чыгып кеткен убакта учурашуулар кечиктирилди. Жакында (Бимбо) аралынын аксакалдарынан турган бир комиссия түзүлүп, Американын Танзаниядагы элчиси (Марк Грин) ортомчулугунда Америка президенти Бушка кат жолдоп, андан бөлүнүп чыгуу тууpасындагы талаптарын кандырып берүүнү сураныштЫ. [Булак: Танзания Мужтамаъ газетасы – 2008-04-07].

(CUF) партиясынын 2008-жылы, 12-майда Занжибардагы саясий проблемаларга аралашуусун жана чечим таап берүүсүн талап кылып Кикветеге жиберген каты 2008-жылы, 16-майда президенттик аппаратка тапшырылды.

Кыскасы, Занжибарда (CUF) менен (CCM) ортосундагы тартышуулар жаңылык эмес, ал мааниси, жолу жана бири-бирине байланыштуулугу жагынан эл аралык күрөш бар экендигин көрсөтпөйт. Бул нерсе «Бимбо» аралынын аксакалдарынан турган бир комиссиянын Америка элчисинен жардам сурагандыгында да о.э. (CUF) партиясынын (CCM) партиясы менен болгон күрөштө да Танзания президенти, ошол эле учурда (CCM) партиясынын жетекчиси болуп турган Кикветеден жардам сурагандыгында

да ачык көрүнүп турат! Т.а. бул күрөш Американын алкагындагы болуп жаткан жергиликтүү күрөш болуп саналат.

Танзаниядагы энергия тармагында Европа компаниялары Америка компаниялары менен атаандашып жаткан болсо да, бирок Европа Танзанияда Американын саясий ролу менен  жакынкы күндөрдө атаандаштык кыла албайт… Анткени, бул жерде Америка таасири өкүмдар болуп турат. О.э. Танзаниянын табигый ресурстарга бай экендиги саясий жактан атаандаштык жаратуу үчүн ачык бойдон кала берет.

Америка Танзанияга – 2008-жылы, 30-сентябрда түзүлө турган Америка долбоору болгон (AFRIKOM)го тиешелүү маанилүү ролун этибарга алып – назар салууда. Ушул нерсе анык, бул долбоор АКШнын Африкадагы үч командачылыгын (U.S. Central Command/ U.S. European Command/ U.S. Pacific Kommand) 2007-жылдын акырында генерал Вильям Ворл башкы командача болуп дайындалган командачылыкка бириктирет. Америка өзүнө көз каранды болгон айрым Африка мамлекеттери, ошону менен бирге Танзания аркылуу ушул долбоорду ишке ашырууга этибарын караткан. Буш Африкага жасаган акыркы сапарында ушул долбоорго токтолду. Ушунусу да бар, ал өзү барган Африка мамлекеттери тарабынан ачык колдоп-кубаттоолорго жетишпеген болсо да, бирок бул маселе Америка аскерий командачылыгында карап чыгуу объектиси болуп турат.

**10-рамазан, 1429-х.**

**10-сентябрь, 2008- м.**

## Тайвань тууралуу суроого жооп

**Суроо:** *2010-жылы 29-январда Обама жетекчилиги Тайванга ракеталарга каршы ракеталар, вертолёттор, миноносецтер (миналардан тазалоочу кемелер), «F-16» самолётторунун коммуникациялык жабдыктарынан турган 6,4 миллиард доллар көлөмүндө курал-жарак сатуу планын Америка конгрессине тапшырды.*

*Америка Тайвань менен курал-жарак соодасы келишимин түзүшүнөн кандай пайда бар? Кытай азыркы экономикалык кризис доорунда Американы колдоп-кубаттап турганда бул иш Американын Кытай менен болгон мамилелерине терс таасир тийгизбейби? Айрыкча, Америка-Кытай мамилелери жакшыланып жатканда, өзгөчө Обама бийликке келгенден кийин о.э. 2009-жылы ноябрда Кытайга сапар жасагандан мамилелер жакшыланып жатканда бул иш эки мамлекет ортосундагы алакаларга терс таасир көрсөтпөйбү? Америка Тайванды Кытай сыяктуу бир мамлекет деп тан алуудан баш тарткандан кийин, Тайвань Америка үчүн канчалык мааниге ээ? Же бул иштин артында башка максаттар жатабы, силерден жооп күтөбүз, Алла силерден ыраазы болсун?*

**Жооп:** Ооба, суроодо көрсөтүлгөндөй, Обама жетекчилиги Тайванга ракеталарга каршы ракеталар, вертолётлар, миноносецтер, «F-16» самолётторунун коммуникациялык жабдыктарынан турган 6,4 миллиард доллар көлөмдө курал-жарак сатуу планын Америка конгрессине тапшырды.

Бул иш Кытайдын каршы реакция билдирип, катуу тынчсыздануусуна, чындап эле кыжырдануусуна алып келди. Мисал үчүн, Кытай тышкы иштер министринин орунбасары Хей Яфэй билдирүү чыгаруу менен Кытайдын күчтүү каршы реакциясын билдирди. Ал билдирүүдө Американын Тайванга курал-жарак сатуу долбоору «Америка-Кытай мамилелерине кескин зыян жеткирип, терс акыбеттерге алып келиши, көптөгөн тармактарда эки мамлекет ортосундагы өз ара жардам алмашуусуна олуттуу коркунуч туудурушу мүмкүн» деп эскертти. Ал дагы мындай деп кошумчалады:

«Кытайдын ажыралгыс бир бөлүгүн түзгөн Тайванга курал-жарак сатуу максатында Американын кезектеги кадамы Кытайдын ички иштерине ачык эле аралашуу, Кытай Улуттук коопсуздугун коркунуч астына коюу о.э. тынчтык жолунда өлкөнү кайра бириктирүү үчүн жасалып жаткан урунууларды жокко чыгаруу болуп эсептелет». Ал Американын Пекиндеги элчисине катуу басым менен жазылган нааразылык билдирүүсүн тапшырды. (Кытайдын «Синьхуа» агенттиги, 2010-жыл, 30-январь). Кийин Кытай тышкы иштер министри Ян Цзечи Американын Тайванга курал-жарак сатышына каршы өлкөсүнүн ээлеген позициясына мындай деп түшүндүрмө берди: «Кошмо Шаттар Кытайдын күчтүү каршылыгынан жана тынымсыз нааразылыгынан толук кабардар болуп туруп, Тайванга 6,4 миллиард доллар көлөмүндө курал-жарак сатышын жарыя кылды». Ал дагы мындай дейт: «Американын бул кадамы Кытай менен Кошмо Шаттар ортосундагы үч кызматташтык билдирүүлөрүнө, өзгөчө 17-август билдирүүсүнө бүтүндөй карама-каршы. Американын бул иши Кытайдын ички иштерине аралашуу болуп эсептелет о.э. Кытай Улуттук коопсуздугун коркунуч астына коюп, тынчтык жолунда өлкөнү кайра бириктирүү үчүн жасалып жаткан урунууларды жокко чыгарат». Ал Америкадан бул соода келишимин тезинен токтотууну жана Кытайдын негизги кызыкчылыктарын урматтоону талап кылды. О.э. Америкадан Кытайдын Тайвань кысыгы жаатындагы алакаларынын өркүндөшүн колдоп-кубаттоого байланыштуу Америка милдеттенмелерин да урматтоону талап кылды. (Кытайдын «Синьхуа» агентлиги, 2010-жыл, 30 январь). Ошону менен бирге, Кытай коргоо министрлиги менен Кытай элдик кеңешинин тышкы иштер комитети тарабынан Американын Тайвань менен түзө турган соода келишимине таандык катуу баысмдагы нааразылык билдирүүлөрү чыгарылды. Кийин Кытай өзүнүн нааразылыгына байланыштуу иш жүзүндөгү кадамдарды таштады. Мисал үчүн, Кытай тышкы иштер министрлиги тарабынан басма сөз билдирүүсү чыгарылды: «Кытай эки мамлекеттин армиялары

ортосундагы кызматташтык программасын жарым-жартылай токтотуу о.э. стратегиялык коопсуздукту, куралданууну көзөмөл кылуу жана курал таркатпоого байланыштуу жакын арада өткөрүлүшү күтүлүп жаткан министрлер орунбасарларынын өз ара кеңештерин бекер кылууга токтом кылды». Билдирүүдө дагы мындай делет: «Кытай Тайванга байланыштуу курал-жарак соодасы келишимдерине аралашкан Америкага караштуу компанияларга санкцияларды колдонот». Билдирүүдө дагы мындай делет: «Бул токтом регионалдык жана эл аралык маселелердеги өз ара Кытай-Америка кызматташтыгына толук терс таасирин тийгизет». (Кытайдын «Синьхуа» агенттиги, 2010-жыл, 30-январь).

1 – Булар Кытайдын көзгө даана көрүнгөн каршы реакциясы жана мамилесинин суукташы жаатында. Ал эми, Америкага келсек, ал Кытайдын каршы реакциясына карата көңүл кош, кайдыгер реакция билдирди. Т.а. Америка жетекчилигиндеги жогорку деңгээлдеги жооптуулардын эч биринен эч нерсе билдирилбеди. Болгону тышкы иштер министрлигинин басма сөз катчысы Лаура Чилердин төмөнкү билдирүүсү менен чектелди: «Бул сыяктуу соода келишимдери Тайвань кысыгынын коопсуздугуна жана туруктуулугуна кызмат кылат. О.э. ал Американын «Жалгыз Кытай» саясатына да, Тайвань менен байланыштуу мамилелар мыйзамына да ылайык келет. Бул келишим эки мамлекет ортосундагы мамилелерге каратылган өз ара Кытай-Америка үч кызматташтык билдирүүлөрүнө да туура келет». («Рейтер», 2010-жыл, 30-январь). Бирок, Американын мындай аракети жогорудагы үч билдирүүгө, өзгөчө алардын 17-августтагы билдирүүсүнө тескери экендиги ачык эле көрүнүп турат. Себеби, 17-август билдирүүсү Кошмо Штаттарга Тайвань менен курал-жарак келишимдерине тиешелүү узак мөөнөттүү саясаттарды ишке ашырбастык о.э. ушул аралга курал-жарак сатууну аста-секин кемейтүү милдеттенмесин жүктөгөн!

2 – Кошмо Штаттардын бул аракети ойлонбостон кылынган иш эмес. О.э. Америка Тайванга курал-жарак сатуу аркылуу соода пайдасын алууну да

көздөбөгөн. Балким, Американын бул иштен максаты, бир канча маселелерде Кытай Америка менен өз ара келишип алышы үчүн Кытайга басым өткөрүү. Анын ичинен, Кытай валютасы курсун долларга карата көтөрүү сыяктуу соода маселелеринде о.э. Американын «Google» деп аталган интернеттеги издөө түзүмү порталын көзөмөлгө алынышы сыяктуу маселелерде. Себеби, бул маселе менен түздөн-түз Америка өзү алектенген.

3 – Кытай Американын финансылык кризиси жана Ирак, Афганистандагы кризиси себептүү эл аралык деңгээлде калкып калганынан пайдаланып, өз чөйрөсүнөн чыгып, эл аралык саясий аракетте көрүнө баштады. Ошондуктан, Америка Кытайдын коңшулары боюнча бир таасирдүү проблема чыгарууну жана аны Тайвань маселеси менен убара кылып коюп, аны менен болгон байланышын бүтүндүй бузуп коюуну каалады. Бир жактан ушундай. Башка жактан болсо, Америка чоң мамлекеттерге буга окшогон проблемаларды эскертме кылып көрсөткөнү сыяктуу, Кытайга да бул проблеманы Америка али да кубаттуу, эл аралык маягы дале өчпөгөндөй кылып көрсөтүү үчүн бир эскертме кылууну каалады.

4 – Эми, Тайвандын Америкага канчалык маанилүү экенине келсек, Американын Кытай менен болгон мамилелеринде жүзөгө чыгуучу кызыкчылыктарынын алдында Тайвань Америка үчүн эч кандай мааниге ээ эмес. Себеби, Америка 1979-жылы эле Тайванды мамлекет деп тан алуудан баш тарткандан кийин о.э. Кытай калкын айгинелеген мамлекет мына ушул Элдик Кытай деп билген. Обама бийликке келгенден тартып, Американын Кытайга болгон мына ушул позициясына дагы башка кызуу позициялар кошулду. Өзгөчө, акыркы жолу, 2009-жылы ноябрда, Кытайга сапар жасаганда өзүн абдан кубанычтуу кылып көрсөтүп, Кытайдын эл аралык ролун алкыштады о.э. аны менен байланышты өнүктүрүү, жада калса аскерий байланыштарды да өнүктүрүү ниетинде экенин билдирди. Мунун себеби мында, Америка финансылык болобу, же соодалык болобу, же эл аралык саясатта болобу, абдан көп маселелерде Кытайга муктаж.

5 –	Булардын баары Америка 6,4 миллиард доллар үчүн же эл аралык саясий картада эч кандай мааниге ээ болбогон жана аны алда качан кытайлыктарды айгинелеген мамлекет деп этибар кылбай койгон Тайвань үчүн Кытай менен болгон мамилелерин курмандыкка чалышы мүмкүн эмес экенин көрсөтүп турат.

Ошондуктан, Кытай менен болгон алакаларды солгундатуу атайын жасалган басым өткөрүү ыкмаларынан таптакыр башка нерсе эмес. Өзгөчө, Америка Кытайдын мындай каршы реакциясы өз ара мамилелерди бүтүндөй үзүүгө чейин жетип барбашына анык ишенет, жада калса америкалык жооптуулардын бири жакында «Кытайдын мындай каршы реакциясы убактылуу» деп айтты.

**16-сафар, 1431-х.**

**1-февраль, 2010-м.**

## Трамптын жүргүзүп жаткан саясатынын кээ бир жагдайлары

**Суроо:** *Американын мурунку администрациясы Сирия жаатында – Халабды кулоосу жакындап калган Сирия режимине тапшырып бердирүү планын ишке ашыруу аркылуу – маанилүү жетишкендиги менен өз мөөнөтүн аяктады. Обама администрациясынын акыркы мөөнөттөрүндө Сирия жаатында пландуу иш алып баруусу өз «мөмөсүн» берди. Сирия жаатында бул жемиштүү «мөмөгө» негизделүү менен жаңы президент Трамптын саясаты кандай өңүттө уланат? Трамптын эл аралык саясатта Орусия-Кытай-ЕБ, айрыкча, Британия менен болгон саясатында кандай жагдайларды күтүүгө болот? Кийин Трамптын Ислам жана мусулмандарга карата зордукчул саясатын эскалация кылуусун (курчутуусун) кандай түшүнсөк болот? Аллах ыраазы болсун.*

**Жооп:** Трамптын президентикке келгенине эч канча убакыт өтө электиги себебтүү анын алып бара турган саясатынын майда-бараты анык боло электигине карабастан о.э. Трамптын шайлоо кампаниясы учурунда

берген билдирүүлөрүнүн да толук аткарылып кетиши бүдөмүк болуп жатканына карабастан, анын бийликке келгенден кийинки билдирүүлөрү жана иштери белгилүү бир багытты түшүндүрөт. Америка саясаты Америка президенттери тарабынан белгиленбейт, алар белгиленген саясатты аткаруудагы ыкмаларда гана айырмаланышат. Ошондуктан, Америка саясаты Америкадагы башкаруу институттары тарабынан белгиленерин эске алуу менен, суроолорго төмөндөгүдөй жооп беребиз.

**Биринчиден: Трамптын Сирия жаатында саясатына келсек:**

1– Ооба, Обама админстрациясынын акыркы учурлардагы Сирия жаатындагы планы «мөмөсүн» берди. Буга Түркиянын Сириядагы куралдуу жамааттарга басым өткөрүүсү аркылуу жетишти. Түркия Сириядагы козголоңдон жылдар өтүшү менен Сирия оппозициясы жаатында иш тизгинине ээ болуп калды. Бирок, Вашингтондун бул иш тизгининен пайдалануусуна көптөгөн себебтер тоскоолдук кылды. 2016-жылы 1-апрелде Америка президенти Түркия президенти менен жолугушкандан кийин, Түркия Американын талаптарына макул болду. Түркия Сирия кризиси жаатындагы позициясында бурулуш жасап, Европага артын салды. Орусия менен элдешүүгө барды. Ушул негизде 2016-жылы 24-августта Сирияда «Ефрат калканы» аталышындагы аскерий амалияттарды баштады. Биринчи кезекте Түркияга ыктаган Сириядагы оппозоциялык куралдуу жамааттарды Түркияга тартуу иш чарасы алып барылды. Мындан максаты, Сириядагы куралдуу жамааттарды Халабда ж.б. жерлерде Башардын армиясы менен согушуудан алыстатуу болгон. Андан кийин Түркия бул куралдуу жамааттарга басым өткөрдү, анткени, бул жамааттар Түркия колдоосунун акысын кайтаруу зарыл деп, аны өздөрүнө ваажиб катары санай башташты. Кийин бул куралдуу жамааттар Түркиянын бул басымына Жооп берип, Халабды Сирия режимине тапшырышты жана андан 2016-жылы 14-декабарда чыгып кетишти. 2016-жылы 29-декабарда Орусия президенти Путин жарыялган ок атышууну токтотуу келишимине кол койдуруу үчүн,

Орусия-Түркия жана Сирия куралдуу жамааттарынын ортосундагы Анкара сүйлөшүүлөрүндө, Түркия бул жаамааттарга басымын токтотпостон улантып турду. Кийин 2017-жылдын 23-январында Астана сүйлөшүүлөрү болору жарыяланды.

2 – Ушул амалияттардан ачык көрүнүп тургандай, Американын Сирия жаатындагы планы өз түшүмүн бере баштады. Сирия козголоңу башталгандан бери сүйлөшүүлөргө тоскоолдук кылып келе жаткан Сириядагы куралдуу жамааттарга кирип баруучу ачкыч иш жүзүндө Эрдогандын колуна топтолгондон кийин гана, Америка аларга кирип баруу мүмкүнчүлүгүн тапты. Америка кызыкчылыгын ишке ашырып берүүдө Туркия толук ыкласы менен иш кылды. Америка кызыкчылыгын ишке ашыруу максатында, Туркия Сириядагы куралдуу жамааттарга карата эскалация кылуу саясатын алып барды. Сириядагы куралдуу жамааттарга карата өз позициясында бурулуш жасады. Биринчи колдоп-кубатоочу, кийин ортомчу, кийин басым өткөрүүчү позицияларын карманса, андан кийин жардамсыз таштап койуу позициясын карманды. Түркиянын куралдуу жамааттарга карата өз позициясында бурулуш жасоосу Астана сүйлөшүүлөрүнө тартууга чейин жетип барды. Түркия Америкага кызмат кылып, бул ролун Трамптын президентик шайлоодо жеңиши жарыялангандан кийин да улантты. Ошондуктан, Трамп иш жүзүндө бийликке келгенден кийин да Түркиянын бул ролунда өзгөрүүлөр болушу күтүлбөйт.

3 – Трамп админстрациясы Сирия оппозициясынын куралдуу жамааттары жаатында Обама админстрациясы эккен эгиндин түшүмүн жыйнай баштады. Тактап айтканда, Сириядагы куралдуу жамааттарга көзөмөл кылуу о.э. согуш жана тынчтык ачкычтары Түркиянын колунда экенине Америка кадыржам. Ошондой эле, Америка «террористтер» деп сүйлөшүүлөргө катыштырбай койгон жамааттар менен Астана сүйлөшүүлөрүнө катышкан жамааттар ортосунда кагылышуулар жүз

беришинен да кадыржам. Бул нерсе Америка каалап жаткан иштерден. Америка бул кагылышуулар аркылуу Сирия режимине каршы турган күчтү алсыратып, Сирия режиминин алга жылышын жеңилдетүүнү көздөгөн. Айрыкча, 2017-жылы 23-январдагы Астана сүйлөшүүлөрүнөн кийин Түркия мурда өзү терорист деп атабаган кээ бир жамааттарды эми «террорист» деп атай баштады. Кийин террорист деп сыпатталган жамааттар менен террорист деп сыпатталбаган жамааттар ортосунда кагылышуулар жүз берди! «Reuters» агентиги 2017.10.26. Америка ТИМинин булагына таянып мындай маалымат таратты: «Түркия Астана сүйлөшүүлөрүнөн кийин «Фатхуш-Шам», «Ан-Нусра» жамааттарын террористик жамааттар деп сыфаттай баштады. Буга чейин Түркия бул жамааттарды минтип атаган эмес. Кийин терорист деп аталган жамааттар менен террорист деп аталбаган жамааттар ортосунда кагылышуулар жүз берди. Мына ушул көрүнүш Түркиянын кылган кызматы аркылуу Америка «түшүмдү» жыйнап жатканына далаалат кылат!

**Экинчиден: Трамптын Орусия жаатында кыла турган саясаты:** Бул саясат жумшак сөз аркылуу азгыруу алкагында болду, бирок иш жүзүндө Орусияга карата кысым кылуу саясаты менен коштолду. Орусия Америка кызыкчылыгын ишке ашырып жатат. Обама парда артында туруп, иш тизгинин Орусияга бербеди, Орусияга тапшырган иштерде Орусия Американын артынан жүрдү. Трамп болсо Обама алып барган иштердеги максаттан эч нерсени өзгөртпөйт. Тактап айтканда, Америка кызыкчылыгын ишке ашыруу жаатында. Болгону, ыкмаларда гана Обама алып баргандан башкача иш алып барышы мүмкүн. Ошондуктан, Орусия Трамп тараптан жылуу сөз уккандыгы үчүн ага дагы да жакындашмакчы. Ошол эле убакта, Трамптын Кытай жаатында алып барган саясатында, Орусия өзүнөн талап кылына турган иштердин оор кысымын сезип жатат. Тактап айтканда, Трамп Сирия сүйлөшүүлөрүндө Орусиянын мартабасын Түркия деңгээлине түшүрүү менен эле чектелип калбайт. Мында ал Америка-Орусия сүйлөшүүсүн Түркия-Орусия сүйлөшүүсү деңгээлине түшүргөн эле. Эми

Трамп Орусия жетекчилигин титирете турган позицияларды ишке салат. Ал позициянын кээ бир бөлүктөрү ишке салына баштады:

1 – Трамп шайлоо кампаниясы учурунда Орусияга карата жылуу сөздөрүн айтты. Орусия Трамп бийликке келгенден кийин Астана сүйлөшүүлөрүнө Американын жогорку жооптууларын жиберет деп ойлоду. Орусия Трамптын мансабына келишин чыдамсыздык менен күттү. Анткени, Трамп мансабына келсе, Америка ТИМи Астана сүйлөшүүлөрүнө келет деп күткөн эле. Ошондуктан, Орусия Астана конференциясы Трамптын колдоосу аркылуу Сирия оппозициясы менен Башардын ортосунда тынчтык сүйлөшүүлөрүнүн башталышы болуп калуусун караштырып жаткан. Буга далаалат кылган нерсе 2016.12.30. «Би-Би-Си»нин берген маалыматында: «Орусия ТИМи Лавров Казахстандын борбору Астанада Сирия кризисинин чечимин табуу үчүн боло турган турган жыйналышка Орусия Тышкы иштер мининистирлиги даярдык көрүп жаткандыгын билдирди», - деди. Бул саясий сокурлуктун натыйжасы. Трамп Орусияны колдойт деп андан колдоо күтүү – саясий сокурлук! Мына ушундайча Орусия Вашингтонго Астана конференциясына келүүгө чакырык жолдоду. Орусия Астана конференциясына Америкадан жогорку даражадагы жооптуулардын келишин күткөн эле. Трамп Астана сүйлөшүүлөрүнө Американын Казахстандагы элчисин байкоочу катары жөнөтүп койду, бул Орусияны бетке чапкандай эле болду! Мына ушундайча 2017.01.23. – 2017.01.24. Астана сүйлөшүүсү ок атышууну токтотуу тууралуу эч бир натыйжага жетишпестен аяктады. Балким, Барада өрөөнүндө ок атышуу күчөдү! Ошондуктан, Астана сүйлөшүүлөрү Орусия каалгандай деңгээлден бир кыйла төмөн деңгээлде, эч бир саясий чечимге жетишилбестен өттү. Астана сүйлөшүүсү ок атышууну токтотуу тууралуу сөз козгоо менен гана аяктады.

2 – Кийин Россия экинчи жолу бетке чабылды. Ал биринчисине караганда күчтүүрөөк болду. Америка президенти Трамп «Сирияда коопсуз аймак түзө тургандыгын» жарыялады. («Reuters», 2017.01.26.). Трамптын бул

саясаты Орусия менен кеңешилбестен жарыя кылынды. Кремль Америка президенти Трамптын бул билдирүүсүнө жооп кайтарды, Москва менен Ак үйдүн ортосунда сүйлөшүлбөстөн ишке салынып жаткан Американын бул кадамы «кесепеттерге алып келиши» ыхтымалдыгы бар экендигин айтып аны караштырууга чакырды. Дмитрий Песков Америка менен Орусиянын ортосунда Сирияда коопсуз аймак түзүү боюнча мурдатан сүйлөшүүлөр болду беле деген суроого минтип Жооп берди: «Жок, биздин шеригибиз Америка биз менен бул боюнча кеңешпеди. Бул алардын эгемен чечими. Маанилүүсү, бул кадам качкындардын абалына залакасын тийгизбеши керек. Ошондуктан, кесепеттерге алып келе турган жагдайларды караштырып чыгуу керек». («CNN арабия», 2017.01.26.). Америка бул саясатына карата Орусиянын таасирдүү жооп кайтара албагына кадыржам. Анткени, Америка Орусияны Сирия сазына биротоло батырып салган. Анын Сирия баткагынан чыгып кетиши өтө эле оор. Балким Сириядан чыгып кетүү Кремлдегилердин түшүнө да кирбейт. Ошондуктан, Орусия Сириядан чыгып кетүүдө Америкага мухтаж!

3 – Орусиянын Сириядагы ролунун жемириле башташы. Американын Сирия жаатындагы саясаты, мисалы, Сирияда коопсуз аймак түзүү чечими Орусиянын Сириядагы ролу жемирилишине алып барат. Орусиянын Сирия кризисине аралашуусу аркылуу жеткен «улуулугуна» да коркунуч жаратат. Трамптын Сирия жаатында Орусияга карата алып барган саясатынын биринча кадамы – Трамп Орусиянын Сириядагы ролун чектеп, андан ИГИЛге каршы күрөшүүнү гана талап кылышы болду. Мейли, АКШ Орусияга роль берген күндө да, Америка планынын алкагында жүрө турган болор-болбос роль берет. Ошол эле учурда, Америка демилге тизгинин түздөн-түз өз колуна алууда. Тактап айтканда, Орусия артында туруп саясат кылбастан, эми түздөн-түз өзү алып барат. Буга кээ бир маалыматтар далаалат кылды. 2017.01.27. «Россия сегодня» хабар агенттиги «Нью Йорк таймс» гезитиндеги маалыматты басып чыкты. Анда мындай деп келген:

«Америка президенти Трамп келерки үч ай аралыгында Сирияда ИГИЛге каршы кең көлөмдөгү согуш планын даярдоону Пентогондон талап кылары белгиленген. Ошондой эле, дагы бир «Сирияда коопсуз аймак» түзүү тууралуу планын да талап кылары  белгиленген». Газета буларга дагы токтолгон: «Трамптын админстрациясындагы жооптуулар Трамп Сирия жаатындагы планды иштеп чыгууну Коргоо министрине тапшырарын билдиришкен. Бул планга ылайык, Ракка шаарында ИГИЛдин турумдарына сокку уруш үчүн Америка артиллериясы жана согуштук вертолеттору тартылары белгиленген. Трамп 30 күн аралыгында жаңы планды сунуш кылууларын Пентогондон талап кыларын Трамптын админстрациясынын жооптуулары билдирди... » Газета ишаара кылган ишке салынышы ыхтымал болгон амалияттар: «Американын өзгөчө багыттагы күчтөрүн кеңири колдонуу. Ирак жана Сирияда Америка аскерийлеринин санын көбөйтүү. Ошондой эле, токтомдорду тезирээк кабыл алуулары үчүн Пентагон менен талаа командирлерине кошумча ыйгарым укуктарды берүү». Американын бул саясаты Орусиянын Сириядагы ролун кыскартат. Америка менен Орусиянын Сирия жаатындагы эл аралык жаңы келишими бир нече пункттардын негизинде болот. Анын абалкысы, Украина жана Кытай жаатында Орусия Американын кызыкчылыгын ишке ашырып берүүсү. Американын Орусияга карата мындай турумун Трамптын Орусияга салынган санкцияларды алып таштоого шашылбаганы далилдеп турат. «Америка президенти Трамп  мындай  деди: «Орусияга салынган санкцияларды алып таштоо тууралуу сөз козгоого али эрте». («Ал-жазиира нет», 2017.01.28.). Америка Орусия менен алакасын жакшыртууга шашылбаганы да ушуну түшүндүрүп турат. «Трамп Америка жана Орусия, Кытай алакаларын жакшыртуу бир тараптан жакшы кадам болорун баса белгиледи. Бирок АКШнын жаңы президенти Трамп мындай болушу ( тактап айтканда, алакалардын жакшырып кетүүсү) ыхтымалы жок экендигине да токтолуп, Америка менен Орусиянын ортосундагы алака «жакшы» же «жаман» өңүттө

уланарын биле албастыгы, же такыр эле алака болбой калышы менен түшүндүрдү». («Россия сегодня», 2017.01.27.).

**Үчүнчүдөн: Трамптын Европа, айрыкча, Британияга карата алып бара турган саясатында күтүлө турган жагдайлар:**

1 – Трамп Американын ЕБди чачыратып жиберүү оюн ишке ашыруу иримине кирди. Бул жаатта эч кандай дипломатияга көңүл бурбастан, ачыктан ачык айта баштады. Трамп шайлоодо жеңишке жетише электен мурда Британиянын ЕБден чыкканын колдоп, мактоого алды. ЕБдеги башка өлкөлөрдү Британиядан үлгү алууга, Брюсселден баш тартууга чакырды. Америка мурда ЕБди чачыратууга тымызын аракет кылып келсе, эми бул жолку Трамптын жаңы саясатында эч кандай дипломатиясы жок эле, ачыктан-ачык бөлүнүп кетишине чакырык салды. Франция президенти Олланд 2017.01.27. Америка президенти Трампты ЕБдин каршысында турган бирден бир көйгөй деп сыфаттады. «Олланд ЕБ жана Жер ортолук деңизи өлкөлөрү ортосунда болуп өткөн саммитте мындай деди: «АКШ президентинин ЕБ тууралуу сүйлөгөн сөзүнө, айрыкча «Brexit» (Британиянын ЕБден чыгуусу) башка ЕБ өлкөлөрү үчүн үлгү экендиги тууралуу сүйлөгөн сөзүнө карата биздин Жооп берүүбүз өтө зарыл деп билем». («Россия сегодня», 2017.01.28.).

2 – «АКШ президенти Трамп Британия өкмөт башчысы Тереза Мейди кабыл алуусунда Америка менен Британия ортосундагы «өзгөчө алаканы» мактоого алды жана Британияны «Британия эркин, эгемен аалам үчүн бир белек» деп сыфаттады». («Ал-жазиира нет», 2017.01.28.). Мындан мурда «Көз карандысыз Британия» партиясынын төрагасы Нейжел Вараж Ак үйдүн алдынан Обама алдырып салган Черчиллдин эстелигин кайрадан койдурарын убада кылган. Иш жүзүндө аны койдурду. Нейжел Вараж Трамп президенттик жарышта жеңишке жетишкенден кийин, аны менен жоолугушкан биринчи чет элдик чиновник болуп калды.

Трамп Тереза Мей менен бирге берген пресс-конференцияда, Американын Британияга карата колдоп-кубаттоосун тастыктап мындай деди: «Тынчтык жана адилеттүүлүктү камсыз кылууда Америка менен Британия ортосундагы өзгөчө алака тарыхтагы бирден бир эң ири күч-кубат. Бүгүнкү күндө аскерий, саясий, маданий жана каржылык тараптан болобу, айырмасы жок, Америка Британия менен терең, бекем алакаларды жаңылайт. Биз бул өзгөчө алаканы дайыма колдоп-кубаттоого алууга убадалаштык». («Би-Би-СИ», 2017.01.28.).

3 – Британиянын Брюсселге карата жана Трамптын бийликке келүүсүнөн кийинки жаңы саясаты – ал 2016.06.23. референдум аркылуу ЕБден чыккандан кийин ага каршы ЕБ тараптан келе турган жаңы соккуларга өзүн даярдап жатат. Ошондуктан, ал эл аралык майданда Британия саясатын жандантуу максатында болгон күч-аракетин жумшоодо. 2016.11.18. Трамптын жеңишке жетиши жана анын саясий тажрыйбасы аздыгы, өзгөртүүлөр тууралуу берген убадалары – буларды Британия өзү үчүн ыңгайлуу бир учур деп тапты. Британия өкмөт башчысы Тереза Мейдин 2017.01.27. Америка президенти Трамп менен жолугушкан биринчи чет элдик мамбашы экендиги Британиянын бул турумун тастыктап турат. Британия, айрыкча Орусия жаатында Америкага демилгени өз колуна алууну жана Сирия жаатында ИГИЛге каршы биргеликте согушуу келишимин сунуштап, насаат кылып жатат. Тактап айтканда, кайрадан Британияны эл аралык майданда  Америкага жанма-жан койчу позицияны алга сүрөп жатат.

4 – Британиянын жаңы багыт алуусу, Трамп админстрациясы менен жакындашуусу Американы өз кызыкчылыгын ишке ашырууга түрттү. Британиянын ЕБден чыккандыгын ЕБдеги башка өлкөлөргө үлгү кылып көргөзүү аркылуу өз кызыкчылыгын ( ЕБди чачыратып жиберүүнү) иш жүзүнө ашырууну көздөдү. Ошондуктан, Америка бул багытка карай, эгер Британия ЕБди бөлүп жиберүүдөгү чекит боло алса, ага сыйлык катары эл аралык майданда роль жаратып бермекчи болду. Ошондой эле, Америка

менен Британия ортосунда ЕБдеги башка өлкөлөрдүн шилекейин агыза турган маанилүү соода келишимдерине кол койуу жараянын баштады. Муну Америка менен Британия ортосундагы өз ара жакындашуулардан күзөтүүгө болот. «Трамп Британиянын ЕБден чыккандыгын дагы бир жолу колдоп-кубаттады. Ал арада Тереза Мей «Brexit»тин Британияга таасирин азайтуу максатында, Америка-Британия соода келишимин тездетип, ага өз салымын кошуп калууга үмүткөр экендигин билдирди». («Ал-жазиира нет», 2017.01.28.).

**Төртүнчүдөн: Трамптын Ислам жана мусулмандарга карата зордукчул саясатын эскалация кылуусуна келсек:**

1 – Ислам жана мусулмандарга карата кылынган чабуулдун артында Трамп жалгыз эмес. Балким, жалпы Батыш башчылары турат. Болгону, алар ыкманы гана ар түрдү алып барышат. Алардын кээ бирлери сүткө уу кошуп берет. Мисалы, Обама президенттик мөөнөтүнүн башталышында бир катар Ислам өлкөлөрүн (Индонезия, Миср, Түркия) кыдырды. Мусулмандарга жумшак мамилесин көргөздү. Бирок ошол эле учурда, мусулман өлкөлөрүнө карата кыргынды кошо алып барды. Айрыкча, учкучсуз учактар менен мусулман өлкөлөрүндө чабуулдарды кылды. Обама мусулман өлкөлөрүндө мындай кыргын кылуусу менен өзүнөн мурунку Америка акимдеринен ашып түштү. Трамп болсо, мөөнөтүнүн башталышында эле эмес, андан мурун эле ачыктан-ачык душмандык чабуулуна өткөн. Ал сүткө уу кошуп отурбастан, уунун өзүн эле берип жатат. Ошондуктан, крестүүлөрдүн Ислам жана мусулмандарга карата душмандыгы Америка жана жалпы Батыштын колтугунда.

2 – Америка жана Батыш мусулмандардын коргой турган мамлекети жок экенидигин билишет. Ошондой эле, Ислам жана мусулмандарга карата душмандык кылынганда, бир соккуга эки сокку менен Жооп кайтара турган мусулмандар мамлекетинин жок экендиги аларга оңтойлуу болуп жатат. Алар мусулман өлкөлөрүнүн акимдери колонизатор кафир кожоюндарына

берилгендей Исламга берилбегендиктерин да жакшы түшүнүшөт. Мусулман акимдери көптөгөн учурларда колонизатор кожондарына жагынуу максатында Исламга карата душмандык саясатын алып барышат. Ошондуктан, Америка менен  Батыш мусулмандарга каршы каалашынча душмандык кылууга батынышууда.

3 – Качан мусулмандардын өз мамлекети болгондо гана, алар мындай душмандык чабуулдарга каршы бир соккуга эки сокку менен Жооп кайтарышат. Ошондо гана тогут заалымдар Ислам жана мусулмандарга каршы батына албай калышат. Мусулмандардын өз мамлекети болуп турганда, кафирлер Ислам жана мусулмандарга каршы душмандык чабуулун алып барышканда, мусулмандар тарабынан коркууга салып титирете турган кубатка туш болушкандыгына тарых барактары күбө. Кафир Батыш муну жакшы түшүнөт.  Ошондуктан, алар акыйкатты акыйкат, батылды батыл деп биле турган мусулмандар мамлекети кайрадан тикеленбеши үчүн, ага каршы бар күчүн жумшашууда. Бул акыйкаты эч ким тана албайт. Мисалы, Румдуктар мусулман жерлерине бастырып кирип, бир аялга зулумдук кылышканда, ал аял «эй Муътасим» деп кыйкырган. Ошондо Халифа Муътасим армияны өзү жетектеп, румдуктарды бастырган жана ал жерлерди фатх кылып, жакшылык нурун чачкан. Ошондой эле Синда акими мусулмандар кемесине чабуул кылып, андагы аяларды туткундап алган эле. Халифа валийине кат жөнөтүп, бул акимден өч алууну буйруган. Мухамад бин Касим армияны жетектеп, Синда акиминен өч алып, ал жерлерди фатх кылган. Кийин бир жазуучу чыгарма жазып, анда Пайгамбар с.а.в. тууралуу жаман ойлор айтылган эле. Аны Британиянын бир театрына койуу аракети болгондо, Британия Усманий Халифалыктын Лондондогу элчикансынан расмий түрдө кечирим сураган. Британия ал мезгилде ири мамлекет даражасында эле. Мына ушундайча мусулман мамлекети болгондо абал ушундай болгон... Качан мусулмандардын өз мамлекети болгондо гана, Трамп же Трампка окшогон тогут душмандар Ислам жана мусулмандарга

каршы тили менен да душмандык кыла алмак эмес. Эгер душмандык кылышса, тилдери кесилип, буттары сындырылмак...

Бүгүнкү күнгө келип, Кураани каримге, Пайгамбар с.а.в.га душмандык кылынууда, бирок ага Жооп кайтарылбай жатат! Ушунун баары Имам-Халифанын жоктугуна байланыштуу. Бухарий жана Муслим Абу Хурайра р.а.дан риваят кылышкан сахих хадисте Пайгамбар с.а.в. айтты: **«Имам – калкан, анын артында туруп согушулат жана аны менен коргонулат».** Ин шаа Аллах, бул иштин жүзөөгө ашуусу Аллахка жеңил. Эл аралык мамлекеттердин күнү бүтөт. Аллах таала айтат: ***«Биз бул күндөрдү адамдар арасында айландырып турабыз»*** [3:140]

Исламды көтөрүп чыга турган, Аллахка берген убада-шертинин өтөөсүнө чыга турган Исламда чыныгы эр-азаматтар бар. Аллахтын жардамы менен, алар сахих хадисте келгендей, бул залим түзүмдөн кийин туура жолдогу Халифалыкты тикелешмейинче, бул кайраттарынан жазбай, талбай иш алып барышат. Ахмад жана Тайалисий риваяты, Хузайфа р.а айтты: **«... Расул** с.а.в. **айтты:** «**... Кийин жабыр көрсөтүүчү залим падышалык болот, ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах каалаганда аны көтөрөт. Кийин Пайгамбарлык жолундагы Халифалык болот».** Аллах Азиз жана Хаким.

**5-февраль, 2017-м.**

## Тунис тууралуу суроолорго жооптор

**Суроо:** *Акыркы кезде Тунисте болуп өткөн айрым окуялар Тунистин азыркы көз карандылыгы өзгөрүүгө карай бара жатабы же жокпу деген суроону козгойт. Мына ошол окуялардын катарына төмөндөгүлөр кирет:*

- *Тунистин массалык маалымат каражаттары, алардын катарында, «Тунис чөйрөлөрү» жана «Тунис ньюс» гезиттери – Зайнулабидин айыкпай турган простата бези рагы менен ооруп, дарылануу үчүн жашыруун түрдө Европага кеткен – деген мазмундагы кабар таркатты.*

*-2005-жылы, август айында Тунис дипломаты Камал Маржан коргоо министрлигине башчы болуп дайындалды. Мындан мурун ал БУУнун качкындар иши менен алектенген комиссиясында иштеген. Камал Маржан министр катары өз ишине киришкенден баштап тездетилген дипломатиялык кампаниялар башталды. Бул кампания алкагында Америка менен бир нече маанилүү бүтүмдөр түзүлдү.*

*-2006-жылы, август айында Дональд Рамсфельд батыш араб мамлекеттерине, ошолордун катарында, Туниске сапар кылды. Камал Маржан да ошол жылы Америкага барып келди.*

*-2007-жылы Франциянын Америкага жакындыгы менен таанылган жаңы президенти Сарказийдин Европадан тышкарыга кылган биринчи сапары батыш араб мамлекеттерине болду.*

*-Июль айында Америка конгрессинин өкүлдөрүнөн турган делегация Туниске келди.*

*-Июль айынын аяк чендеринде «Тунис ойгонуу кыймылы» жетекчилеринин бир тобу азат кылынды.*

*-Жакында болсо, Американын башкы штаб башчысынын жардамчысы адмирал Эдмонд Жан Бастиан Туниске келип, Тунистин ири жооптуулары менен жолугушту. Анын артынан америкалык офицерлерден турган делегация да Туниске келип кетти.*

*Ко-ош, булардын баары Америка Туниске өз кадамын коюуга киришкенин түшүндүрүп жатабы?*

**Жооп:**

Жооп анык болушу үчүн төмөнкүлөрдү айтып өтөбүз:

1 – Тунис колонизатор күчтөрдүн таасир талашуу күрөшүнө бута болгон региондордун бири. Буга себеп, анын стратегиялык жерде жайгашкандыгы жана өзүнө таандык касиеттери. Мындан тышкары, ал батыш мамлекеттеринин саясий «лаборатория»ларынын бири болуп эсептелет.

Тунис француз колонизаторлорунун аскерий күчтөрү чыгып кеткенден кийин англичандар таасирине моюн сунду.

1987-жылы Хабиб Буркиба оодарып ташталгандан кийин – себеби, ал карылык жашына жетип, башкаруу милдеттерин өтөөгө алсыздык кылып калган эле – анын ордуна Зайнулабидин ибн Али отурду. Ал да өтмүшдөшү Хабиб Буркиба сыяктуу эле эч бир экиленбей англичандарга болгон толук көз карандылыкты сактап калды.

2 – Америка 1988-жылы Тунис менен Ливиянын ортосундагы мамилелердин курчушунан пайдаланып, басым өткөрүүгө жана Зайнулабидинди өзүнө каратууга аракет кылды. Максат, Туниске кирип баруу эле. Ушул максатта Америка «агрессияны кайтаруу» деген шылтоо аркылуу Туниске «берешендик» менен 61 миллион доллар өлчөмүндө жардам бергени турду. Негизи, максаты полковник Каззофийге жана анын режимине каршы фронтту күчөтүү үчүн Тунис президентин өзүнө тартып алуу болчу. Бирок, Зайнулабидин ибн Али бул «жардам»дан көздөлгөн негизги максатты тезинен түшүнүп алды. Ушул себептен улам, Америкага арка салып, Каззофий менен алакаларын кайрадан жакшырта баштады. Андан кийин Америка Туниске көрсөткөн жардамын 8 миллион долларга чейин кыскартты. Ошентип, Америка ибн Алинин Британияга болгон малайлыгын буза албады. Тескерисинче, Зайнулабидин өтмүшдөшү Буркиба доорундагы жолду карманды…

3 – Америка 1994-жылы декабрда бир канча аракеттерди жасап көрдү. Ал муну Түндүк Атлантика союзунун (НАТО) демөөрчүлүгү астында болуп өткөн «Жер Ортолук деңизи диаологу» деп аталган нерсе аркылуу ишке ашырды. Америка НАТОну Советтер Союзу кулагандан кийин абдан сезилерлик көрүнүштө өз кызматына салууга жетишкен болчу. Ушуну да көрсөтүп өтүү керек, ошол «диалог» Алжир, Египет, (Израиль), Иордания, Мавритания, Марокко жана Тунисти өз ичине камтыйт. Негизи, булар НАТОго мүчө эмес эле.

4 – Мунун каршысында Европа союзу 1995-жылы октябрда Барселона жыйынында өзүнө мүчө болгон мамлекеттерди жана Жер Ортолук деңизинин айланасындагы мамлекеттерди (Алжир, Египет, (Израиль), Иордания, Ливан, Марокко, Сирия, Тунис, Түркия, Палестина режими) топтоду. Муну «евромед» (**EURMED**) долбоору деп аталган нерсе аркылуу ишке ашырды. Европа союзу өзүнүн бул долбооруна 1995-2000-жылдар аралыгында тогуз миллиард евро сарптады. Кийинчерээк беш түштүк Европа мамлекеттери (Франция, Италия, Испания, Португалия, Мальта) менен түндүк Африканын беш мамлекеттеринин, ошолордун катарында, чыгыш араб мамлекеттеринин (Алжир, Марокко, Тунис, Ливия, Мавритания) ортосунда союз жүзөгө келип, ага «5+5» деген наам берилди. Бул союз негизги аракетин «терроризм»ге т.а. «мыйзамсыз иммиграция»га каршы күрөшкө каратты. Бул болсо, Американын бул регионго өз таасирин жаңыдан жаюусуна тоскоол болду. Мисалга алсак, Америка тышкы соодасынын болгону 2%ы жана Америка тышкы инвестицияларынын 1%ынан азырагы гана ушул регионго тиешелүү.

5 – О.э. мына ошол доордо Зайнулабидин режими Американын мурунку президенти Билл Клинтондун 1995-жылы Туниске «жарып кирүүгө» болгон аракетине тоскоолдук кылууга жетишти. Себеби, Америка тышкы иштер министринин ошол убактагы жардамчысы Беллетронун Туниске барган чагында, Тунис режимин Американын Түндүк Африкага таандык коопсуздукка тиешелүү долбоорлору боюнча жүрүүгө ыраазылык берген режимдердин катарына кошууга болгон урунушу жокко чыкты.

6 – 2000-жылы Америка администрациясы өзгөргөн убакта Американын бул регионго көз артышы андан да курчуп, жаңы реформаларды өткөрүү жаатында бул регионго кылып жаткан басымдарын күчөттү. Реформалардын планы бул регион мамлекеттерине «Чоң Ортоңку Чыгыш долбоору» аркылуу сунуш кылынды. Ошого карабастан, Америка сезилерлик натыйжаларга жетише албады.

7 – Эми Американын Тунис «Коопсуздук тосугун» биринчи жолу дээрлик «жарып өтүүгө» жетишишине келсек, бул 2001-жылдагы сентябрь жардырууларынан кийин жүз берди. Себеби, бул доорго келип Америка аскерий базаларын куруу жөнүндөгү кеп-сөздөр адаттагы ишке айланып калды. Мисалы «Уолл стрит жорнал» гезити 2003-жылы 10-июнда бир отчёт чыгарып, анда коргоо министрлигиндеги жооптуулардын Тунис, Алжир жана Мароккодо Америка аскердик базаларын куруу мүмкүнчүлүктөрүн үйрөнүп чыгып жатышканы жөнүндөгү маалыматтарды келтирген. Бул «Америка күчтөрүнүн дүйнө бойлоп жайгаштырылышы»на чоң өзгөртүүлөрдү киргизүү алкагындагы иш эле. Мындай өзгөртүүлөрдүн катарына Американын Германияда жайгаштырылган күчтөрүнүн санын азайтып, аларды башка жайларга көчүрүүгө тиешелүү пландары да кирет.

Тунис режимине оппозицияда болгон чет элдеги Тунис чөйрөлөрү бул кабарларды тастыктап, Бизерта регионуна бир Америка аскерий базасын курууну болжоп жатканын, анын бир бөлүгү Сиди Ахмадда болуп, ал аба базасы катары пайдаланылышын, башка бир бөлүгү болсо Башатирде болуп, ал деңиз базасы катары пайдаланылышын айтат.

Тунис акыркы жылдары түндүк Африкадагы калган мамлекеттер менен бирге, Америка менен жыйындарда катышууда. Бул жыйындардан көздөлгөн максат «терроризм»ге каршы күрөшүү жана «ал-Каида»нын түндүк Африкадагы куралдуу согушкерлерин куугунтуктоо экендиги жарыя кылынган.

Тунис акимдери Американын Ирактагы саясатын колдошу үчүн Америка аларга дагы бир басым өткөрдү. Себеби, Америка тышкы мамилелер кеңеши тарабынан «Африка: терроризм коргоочулары» деген отчёт чыгарылды. Анда Тунис, Египет жана Алжир – бул мамлекеттерде террор коркунучу күчөп бара жаткандыктан – орточо көлөмдөгү кооптуу мамлекеттердин катарына киргизилген.

Конгресс өкүлдөрүнүн жана Америка расмийлеринин акыркы эки жылдагы сапарлары ушул максаттын алкагында алып барылды т.а. Туниске «жарып кирүү» үчүн ага басым өткөрүп, өзүнө каратып алуу максатында болду.

Ошого карабастан, Тунисти Америка менен бирге жүрүүгө мажбурлаган Америка басымдары ийгиликке жетише албады. Тескерисинче, алар – Америка менен ачыктан ачык салгылашпастан, балким, аны «парда» артынан туруп иш жүзүндө тынчын алууга негизделген – англисче ыкмага каршы бир тактика болуудан нарыга өтпөдү.

Англичандар Американын Туниске эле эмес, балким, бүткүл түндүк Африкага олуттуу көңүл буруп жатканын жакшы түшүнүшөт. Ошондуктан, алар бийликти Буркибадан өздөрүнүн ишенимине кирген Зайнулабидинге алып берүүнү уюштурушту. Азыркы учурда да эртерээк аракет кылып, бийликти Зайнулабидинден англичандарга көз карандылыкты сактап келе жаткан анын орунбасарына алып берүү ыктымалын уюштурушууда. Ошол эле учурда, Зайнулабидинден кийин бийликке келиши дайындалган бул орунбасарды Американын кыжырына тийбей турган же ага каршы позицияда турбаган кишидей кылып көрсөтүшүүдө. Англичандар муну менен Американын Туниске барган сайын күчөп бара жаткан басымдарынын жолун тосуп коюшат. Ошентип, англичандар Америка басымдарын солгундатуу үчүн Камал Маржанды тандашты. Бул адам Америкага Зайнулабидинден көрө көбүрөөк туура келет деген этибарда ушундай кылышты. Ошону менен бирге, маалым болгондой, Зайнулабидиндин оорусу анчейин деле олуттуу эмес. Ошондуктан, ал өз президенттик мөөнөтүнүн аягына чейин, 2009-жылга чейин калышы ыктымалдан алыс эмес. Бирок, Камал Маржанга анын орунбасары катары ишара кылынышынан максат, Американын Туниске басым өткөрүшүн басаңдатуу. Бул англичандардын адаттагы тактикасы болуп, алар кандайдыр бир малекетке басым өткөрүлүп жатканын сезишсе, ошол мамлекеттеги өзүнүн таасирин бекемдөө үчүн ушундай жол

карманышат. Америка Ливия режимине басым өткөргөн кезде Англия бул режимди сактап калуу үчүн дал ошондой тактиканы колдонушкан болчу. Англия бул режимге Америкага ийилип таазим кылууну, куралдануудан баш тартууну, Локерби маселеси боюнча моюн сунууга ыраазы болууну жана талап кылынган компенсацияны төлөөнү тымызын буюрду… Булардын баарынан максат, Американын Каззофийге басым өткөрүшүнө эч кандай шылтоо-негиз калтырбоо же жок дегенде бул басымдарды солгундатуу эле.

Камал Маржанга күнү бүтүшүнө аз калган сыркоо Зайнулабидиндин орунбасары катары ишара кылынышынан максат, айрыкча, Британия кудум Зайнулабидин акыркы демин тартып жаткандай кылып, анын ооруусу жөнүндөгү кабарды апыртып көрсөтүшүнөн максат, азыр айтып өткөнүбүздөй, Америка басымдарын токтотуу. Муну жакшыраак түшүнүп алуу үчүн төмөндө коргоо министрлигинде иштеп жаткан Камал Маржан жөнүндөгү айрым маалыматтарды айтып өтөбүз:

1. Камал Маржан күчтүү дипломат.

2. Ал тышкы иштер министрлигиндеги милдеттерди башкарышы натыйжасында атагы чыкканына карабастан, анын өкүмдар партияга активдүү мүчөлүгү билинбейт.

3. Аны мамлекеттин азыркы президенти Зайнулабидин ибн Али менен жакындык жана тууганчылык алакасы байлап турат. Себеби, экөөсү тең Хамам Суса шаарынан болуп, Камал Маржандын аялы Зайнулабидиндин эжесинин кызы болот. Түлкүдөй айлакерлиги менен белгилүү болуп, «камыры» англисче саясий душмандык менен жуурулган Зайнулабидин Камал Маржанга ишенет. Ошондуктан, ага маанилүү мансапты т.а. коргоо министрлигин тапшырган.

4. Камал Маржан тышкы иштер министрлигинде көп жыл маанилүү кызматтарды ээлеп келгендиктен, эл аралык коомчулукта кадыр-баркка ээ.

5. Мамлекеттин ички саясатынан алыс болгондуктан, анын наамы режимдин мамлекетке жана анын калкына кылган кылмыштары менен

булганбаган. Ал өз сөздөрүндө, ошону менен бирге, БУУда сүйлөгөн сөздөрүндө Тунисти коргоп чыккан болсо да, бирок, анын аты булганбаган. Ошондуктан, аны мына ошол жагдайдан эл аралык жана жергиликтүү майданда абдан оңой кабыл алынышы мүмкүн.

Ошентип, демек, Камал Маржанды Америка өзүнө каратып алышы мүмкүн деген күмөн абдан күчсүз күмөн.

Акыркы убактарда Камал Маржан өзүнө каршы чыгышы мүмкүн деп билген күчтөргө жагынуу максатында, өзүндөгү бардык ыкмаларды ишке салуу үчүн болгон күчүн сарптап жатканы сезилди. Бул күчтөр анын тажрыйбасына, эл аралык майдандагы аброюна, ички таасирине туура баа берип, аны кабыл алуулары үчүн ушундай кылууда. Камал Маржан баштаган саясий чабуул өз шахсияты туурасында өзүнүн эч качан эл аралык коомчулукка, айрыкча, Америка кызыкчылыктарына каршы турбашы жөнүндөгү тынчтандыруучу каттарга толуп кеткен. Ал муну менен Америка ага каршы иштерди колдонуудан же алдына тосуктарды коюудан Американы четтетүүгө жетишүү үмүтүндө ушундай жол кармануда.

Булар Камал Маржан жөнүндөгү ой-пикирлер.

Эми Европадан тышкарыга жасаган биринчи сапары батыш араб мамлекеттери болгон Сарказийге токтолсок, анын мына ошол сапарынан Тунистеги өкмөттүн өзгөрүшүнө далалат кылган эч кандай билинерлик таасир көрүнбөдү. Себеби, ал өзүнүн бул сапарында, негизинен «Жер Ортолук деңизи кызматташтыгына» этибар каратты. Ушундай бир даражада дейсиң, Марокко ар кандай шылтоолор менен анын сапарын четке какты. Ошондуктан, күчтүүрөөк ыктымал мындай, анын сапары Тунис режимине саясий таасир өткөрүү түрүндөгү иш эмес, балким, Франциянын сакафий-маданий таасирин күчөтүү түрүндөгү иш болду. Бул сапар Сарказийдин англичандар таасири астындагы региондор бойлоп британиялыктардын өздөрү менен келишип ишке ашырган турнесинин уландысы. Демек, ал анын

мындан мурунураак Ливияга барган сапарына окшогон сапар болуп эсептелет.

Эми Сарказийдин өз сапары учурунда, адам укуктары жана саясий туткундар жөнүндө сөз сүйлөгөндөн кийин, июль айында 21 саясий туткундун азат кылынышына токтолсок, бул туткундар Тунис республикасынын тикеленгенине 50 жыл толгонуна байланыштуу азат кылынды. Ал эми, бул азат кылуунун ошол мамилеге болгон байланышы, анын Сарказийдин сапарынын натыйжасында болгондугун ыктымалдан алыс кылып коёт. Кандай болбосун, бул иш Сарказийдин талаптарын кабыл алуудан көрө, адам укуктары, реформалар, демократия жөнүндө жар салып жаткан Американын обонуна үндөш иш. Мындан адам укуктарынын коргоочусу, адвокат Мухаммад Абунун азат кылынышы гана тышкары. Себеби, Сарказий Зайнулабидин  менен болгон учурашууда бул маселеге өзүнчө токтолгон. Калган жыйырма туткун болсо «Нахза» (Ойгонуу) кыймылынын мүчөлөрү болуп, алар Тунис адилет министрлиги тарабынан коюлган бир канча чектөө, шарттардын негизинде бошотулуп жиберилди.

Сөзүбүздүн аягында, Камал Маржан коргоо министрлигине англичандардын көрсөтмөсү менен «абдан эрте» келди деп айтууга болот. Мындан максат, Американын Тунис режимине өткөрүп жаткан басымдарын басаңдатуу жана Камал Маржандын керек болгон учурда эч кандай күтүлбөгөн иштерге, же ички, же тышкы тосуктарга туш келбестен мамлекет жетекчилигин колго алууга даяр туруусу. Бул «үлбүрөгөн отто тамак бышырууга» окшогон иш.

Ошону менен бирге мындай тыянак чыгарууга болот: Тунисте, мейли, Американы толук ыраазы кылуу үчүн болбосо да, бирок, анын каалоолоруна «үндөш болуу» үчүн реформалардын өткөрүлүшү күтүлөт. Мындан тышкары, адам укуктарына тиешелүү маселелерде жана ага окшогон нерселерде да абалды жакшыртуучу кадамдар ташталышы мүмкүн. Бирок, Америка Тунисте өз таасирин орнотуп болду же жүзөгө келтирүү алдында

деп айтууга али убакыт абдан эрте. Т.а. Тунистин англичандарга жана европалыктарга болгон көз карандылыгы дагы эле кепилденип турат о.э. Тунистин «коопсуздук дубалы» Американын ага «жарып» кирүүгө болгон аракеттеринин каршысында дагы эле темир коргонуу сызыгы болуп калууда. Анткени, армия менен коопсуздук аппараты англичандар малайларынын колунда бекем кармалып тургандыктан, демек, Американын бул бекем «дубалды» бузууга болгон аракеттеринин ийгиликке жетишүүсү кыйын.

**21-шаъбан 1428-х.**

**Тунис президенти парламенттин иш-аракетин токтотуп, премьер-министрди отставкага кетирди!**

**Суроо:** *Аль-Жазира 2021-жылы 30-июлда кабарлашынча, кеңешчи кызматынан кийин ички иштер министри болуп дайындалган Риза Гарсиллави президент Кайс алдында ант ичти. Тунис президенти Кайс Саид аскерий жана коопсуздук жетекчилери менен чукул жолугушуу өткөргөндөн кийин, 2021-жылы 25-июль күнү кечкурун мамлекеттик телевидение аркылуу парламенттин ыйгарым укуктарын токтотконун, конституциянын 80-беренесине негизделип, премьер-министр Хишам Машишийди кызматтан алганын, депутаттардын кол тийгистигин бекер кылганын, коргоо жана адилет министрлерин иштен бошотконун, жаңы дайындалган премьер-министрдин жардамында аткаруу бийлигин жетектөөнү өз мойнуна алганын билдирди. Эмне үчүн Тунис президенти мындай кадам таштады? Бул жагдайга карата эл аралык реакциялар кандай болду? Бул абал Тунис эл аралык күрөштүн курчоосунда калганын түшүндүрөбү?*

**Жооп:** Бул маселелер жөнүндө эң туура пикирди билдирүү үчүн ушуларды карап чыгабыз:

1 – Тунис президенти Кайс Саид менен өкмөт жана парламент ортосундагы кризис ушул жылдын башында башталган. Хишам Машиший 2021-жылы 16-январда министрликтерде технократтардан турган 25

министрдин 11и өзгөртүлгөнүн билдирди. Тунис президенти ага жакын айрым министрлер да кызматтан алынганы үчүн министрликтеги өзгөрүүлөргө вето койду. Кайс Саид 2021-жылы 25-январда ачыктаган билдирүүдө баса белгилешинче: «Премьер-министр Хишам Машиший жасаган министрликтеги акыркы өзгөрүүлөр конституцияга, өзгөчө, 92-берене тескери болгон. Т.а. маселе өкмөттүн структурасын өзгөртүүнү камтыганда биринчи кезекте министрлер кеңешинде талкууланышы керек. Андан тышкары, башка бир канча мыйзамбузууларга жол берилген». (Бирок Кайс бул мыйзамбузууларды ачыктабады). Ал дагы мындай деди: «Конституцияга өзгөртүү киргизүүнү сунуштаган айрым адамдарга карата доо арыздары же кызыкчылыктар кагылышуусу боюнча сот иштери ачылган. Иши каралып жаткан адам ант иче албайт. Ант ичүү расмиятчылык эмес, ал маанилүү процедура». Андан кийин Кайс «министрликтерде аялдардын жоктугуна» наразылыгын билдирди... (AFP, 25-январь, 2021-жыл). Мамлекет экономикалык кризис менен күрөшүп жатканда Тунис президенти ушундай чечим кабыл алды. Мамлекетке катуу таасир кылган коронавирус пандемиясы кризисти дагы да күчөтүп жиберген. Саламаттыкты сактоо түзүмү кыйроо жакасына келгени тууралуу эскертүүлөр айтылган. Ушул себептен улам, акыркы бир нече күндө айрым мамлекеттерден шашылыш түрдө медициналык жардамдар алынды. Тунис статистика институтунун маалыматына ылайык, 2020-жылы Тунис экономикасы 8,8 пайызга төмөндөгөн. «Дүйшөмбү күнү Тунис улуттук статистика институту жарыялаган маалыматтар ушуну көрсөттү: өлкөнүн экономикасы 2020-жылы рекорддук даражада 8,8 пайызга төмөндөгөн. Негизинен туризмден көз каранды Тунис экономикасы коронавирус пандемияси себептүү олуттуу зыян көрдү. Улуттук статистика институтунун маалыматына ылайык, жумушсуздук деңгээли 2020-жылдын төртүнчү чейрегинде 17.4 пайызга жогорулады. Ошол жылдын үчүнчү чейрегинде болсо 16.2 пайызды түзгөн». (Анадолу агенттиги, 2021-жыл, 15-февраль).

2 – 2021-жылы 25-июлда Тунис президентинин аппаратынын Фейсбуктагы расмий баракчасында жарыяланган билдирүүдө мындай делет: «Премьер-министр жана парламент төрагасы менен конституциянын 80-беренеси негизинде кеңеш өткөрүлгөндөн кийин президент Кайс Саид 2021-жылы 25-июлда мамлекетти, анын коопсуздугун жана көз карандысыздыгын коргоо жана мамлекеттик мекемелердин нормалдуу иш-аракетин камсыздоо үчүн төмөндөгү токтомдорду кабыл алууну зарыл деп эсептеди:

• Премьер-министр Хишам Машишийди кызматтан бошотуу;

• Парламенттин ишин жана укугун 30 күнгө токтотуу;

• Парламенттеги бардык депутаттардын кол тийгистигин бекер кылуу;

• Өлкө президенти тарабынан дайындалган премьер-министр жетектеген өкмөттүн жардамында аткаруу бийлигин жетектөөнү президент жеке өзү мойнуна алат». Билдирүүдө дагы мындай делет: «Кырдаалдын талабына ылайык, жүзөгө келген жана себептери жоюлушу менен бекер кылына турган бул чукул чараларды тартипке салуу үчүн жакынкы сааттарда буйрук чыгарылат... Президенттин аппараты Тунис калкын тартипсиздиктерди уюштуруп жаткандарды ээрчибөөгө чакырат». (Dubai CNN, 2021-жыл, 26-июль). Саид анын токтомдору «Конституцияны чектебегенин, конституциялык мыйзамдуулуктан чыкпаганын» баса белгиледи. (Ал-Жазира, 2021-жыл, 26-июль). Тунис президенти Кайс Саид жума күнкү билдирүүсүндө ал диктаторго айланбаганын айтып, «Конституциянын беренелерин абдан жакшы билерин, урматтарын жана үйрөнүп чыгарын» билдирди. Андан мурун Тунис расмий маалымат агенттиги сот «Нахда» партиясынын төрт мүчөсүн, анын катарында, Ганнушийдин жан сакчысы жана Тунис парламентинин депутаты Ясин Аярини парламентте зомбулук жасады деп айыптап, тергөө башталганы жөнүндө кабарлаган... (France 24, AFP, Рейтер, 2021-жыл, 30-июль).

3 – Тунис парламентинин спикери Рашид Ганнуший 2021-жылы 26-июлда Фейсбуктагы расмий баракчасында президент аны менен кеңешкенин

төгүндөп, мындай деди: «Спикер конституциянын 80-беренесин колдонуу үчүн президент менен кеңешкенин четке кагат... Президент Кайс Саид конституциянын 80-беренесин колдонуу жөнүндө кеңешпеген. Андан башка бардык нерселер жалган. Дүйшөмбү күнү бир топ депутаттардын жана парламенттин эшигине келген парламент төрагасынын ичкериге киришине аскерлер уруксат бербеди. Алар парламентти жабууга буйрук берилгенин айтышты». Ганнуший: «Мен парламент төрагасымын. Мен өзүм жетектеген мекеме алдында турамын. Аскерлер менин парламентке кирүүмө жол беришпеди», - деп, Кайс Саидди «ыңкылабга жана конституцияга каршы төңкөрүш» жасады деп айыптады. (Ал-Жазира, 2021-жыл, 27-июль). Бирок, Кайс Саид анын акыркы токтомдору конституцияга каршы төңкөрүш жасоо эместигин, конституция жана мамлекеттин мыйзамдуулугуна каршы төңкөрүш жасоо ниети жок экенин, акыркы токтомдору бүтүндөй мыйзамдуу болгонун, капыстан мамлекетти камтып алган коркунуч жок болору менен токтомдор өз күчүн жоготорун айтты. (Тунис президентинин Фейсбуктагы баракчасы, 2021-жыл, 27-июль). Андан соң 2021-жылы 30-июлда Ал-Жазира кабар бергендей, кеңешчи кызматынан кийин ички иштер министрлигине дайындалган Риза Гарсиллави президент Кайс Саид алдында ант ичти.

4 – Тунистеги күчтөрдүн реакциясы:

а) Америка. Америка Тунисте күчтүү саясий таасирге ээ эмес. Анткени, азыркы саясий чөйрө англистердин малайы болуп эсептелет. Кийинчерээк Франция да Туниске таасир өткөрүүгө жетишти. Ошондуктан, Тунис саясатчылары Европанын т.а. Англия жана Франциянын таасири астында. Америка аскерий жана жарандык коомдун жардамдары менен Туниске белгилүү бир даражада кирүүгө аракет кылды. Аскерий жардамга келсек, АКШ Тунисте өз таасирин күчөтүү үчүн бул тактикадан пайдаланды. Ондогон жылдар бою АКШ терроризмди шылтоолоп Тунис армиясын куралдантып келди. Америка Тунис армиясын машыгуудан өткөрүп, бирге аракет кылып келүүдө. Кошмо Штаттар Эл аралык Аскерий Таалим жана

Машыгуу (IMET) алкагында жана терроризмге каршы күрөш программасы аркылуу Тунис армиясын каржылады. 2012-жылдан 2016-жылга чейин Американын Тунис армиясына көрсөткөн жардамы болжолдуу 2,7 миллиард долларга жетти. 2015-жылы Тунис НАТОго мүчө болбогон союздаш катары таанылды. 2020-жылы 1-октябрда АКШ Коргоо министри Марк Эспер Тунис менен он жылдык аскерий кызматташуу келишимин түздү. Эспер президент Кайс менен жолуккандан кийин: «Биз Тунис портторун жана чегараларын коргоо, терроризмди алдын алуу жана автократиялык режимдердин зомбулук аракеттерин мамлекетиңизден алыс кылууга жардам берүү үчүн кызматташуубузду тереңдетүүгө ыраазыбыз», - деди. (Africa news, 2020-жыл, 1-октябрь).

Жарандык коомдун жардамдарынын тактикасына келсек, АКШнын Тунистеги элчилиги бул вазыйпаны жакшы башкарууну колдоо программасы жана коррупцияга каршы күрөшүү алкагында ишке ашырууда. АКШ элчилиги Тунисте коррупцияга каршы күрөшкө 5,6 миллион доллар бөлүүдө. «Мамлекеттик Соттор Улуттук Борбору (NCSC) жарандык коомдор үчүн санарип платформаны иштеп чыгуу үчүн конституциялык органдар, жарандык коом жана байланыш министрлиги менен өз ара меморандум түздү. Бул платформа жарандык коомдун уюмдарын аралыктан тизмеден өткөрүүгө о.э. майнаптуулук жана жоопкердик механизмдерин бекемдөө максатында уюмдардын финансылык жана эсеп-кысап отчётторун даярдоого жардам берет...». (АКШнын Тунистеги элчилиги, 2020-жыл, 20-декабрь). Бирок, качан мамлекетте саясий боштук жүз берсе о.э. кудум Британия сыяктуу же Европа Союзу, айрыкча Англияга жетүүгө аракет кылып жаткан Франция жана Германия сыяктуу бирер мамлекеттин бул мамлекетте таасири болбосо, мына ошондо гана бул тактикалар ошол мамлекетте өз таасирин орнотуу үчүн кирүү чекити катары колдонулушу мүмкүн. Ушул себептен улам, азыр Американын бул аракеттери Тунисте Британиянын же Европанын таасирин бузууну түшүндүрбөйт. Тунисте армия абдан чакан жана

мамлекеттин саясатында экинчи даражалуу ролду ойной албайт. Ошондуктан, Кошмо Штаттар ага берилген малайларды жалдоо жана Тунисте майнаптуу роль ойноо жөндөмүн өнүктүрүү үчүн убакытка көбүрөөк муктаж. Бул көп убакыт алышы мүмкүн... Т.а. Американын ролу Тунисте али активдүү эмес. Анын ролу демократияга жана адам укуктарына чакырууну шылтоологон жалпы ролго чектелген! Бирок, Америка Туниске жылжып кирүү аракетинен баш тартпайт.

б) Англия. Ыңкылабдан мурун абал бүтүндөй Англиянын колунда болгон. Англия өз малайы Зейнулабидин жана андан мурун Буркиба аркылуу мамлекетти парда артынан башкарып келген. Тунис майданында анын эл аралык атаандашы жок эле. Англия «исламий» оппозицияны жөндөө жана керек болгондо бул маанилүү картадан пайдалануу үчүн «Нахда» кыймылынын жетекчиси Рашид Ганнушийди кабыл алуу сыяктуу оппозициячыл партияларга ачык эле демөөрчүлүк кылды... Англия Тунисте эч бир атаандашсыз беймарал шүмшүңдөп жүрчү эле. 2015-жылы Англиянын Тунистеги элчилиги «Адам Смит» эл аралык консалтинг компаниясын Тунис өкмөтүнө кеңеш берүүгө, жогорку наамдагы офицерлерди окутууга, саясатты калыптандырууга жана жаңы мыйзадарды кабыл алууга чакырды. Ушул көрүнүштө Британия тышкы иштер министрлиги жана Улуттар Шериктештиги үчүн миллион фунттук келишимдерди ишке ашырган өнүктүрүү пөдрөтчүсү «Aktis Strategy Ltd» Туниске алынып келди. Андан тышкары Британия Хабиб Буркибадан тартып Ибн Али жана 2012-жылы «Нида Тунис» партиясын түзгөн Бажи Сабсийге чейинки саясий чөйрөнү башкарып келген. Сабсий Хабиб Буркибанын санаалаштарынын бири жана Ибн Али менен союздаш болгон. Ал англистер менен кызматташкан бардык эски илманий күчтөрдү бир партияда бириктирди. Ошентип, Англия өзүнүн колу астындагы саясий чөйрө жардамында мамлекетте өз таасирин сактап калды. Зейнулабидин президенттиктен кетиши менен Англия өзүнүн күчтүү малайын жоготту, лекин режимди эмес. Анткени, Англиянын мамлекет

ичинде да, тышында да көп малайлары бар. Ошого карабастан, анын саясий таасири мурункудан кыйла алсыздашты. Жада калса, Ганнушийдин Британиядан англиячыл болуп кайтышы да бул алсыздыкты жоё албады. Анткени, «Нахда» мүчөлөрү жана жетекчилери, айрыкча, алар илманийлеши артынан Ганнушийдин жетекчилик кылышы тууралуу бир пикирге келе алышпады. Себеби, кыймылдын ичинде калыс кишилер болгондой, Түркияга жана президент Эрдоганга ишенгендер да бар. Бул нерселер Англия өз малайларынын катарын бириктирүүгө тоскоолдук кылды. Америка малайы болгон Түркия «Нахда» партиясына ичинен таасир өткөрүүгө жана Ганнуший жетекчилигине ичинен коркутууга жол ачты. Бул проблеманы чечүү максатында «Нахда» кыймылы илманийлердин колдоосун алуу үчүн өзүнүн «исламийлигин» басаңдатты. Ошондуктан «даъватты» «саясаттан» бөлдү. Англис малайы Бажи Сабсийди колдоо үчүн басымдуу парламенттик фронтту түзүү максатында 2014-жылы «Нида Тунис» менен союздаш болду. Бирок, Сабсий партиясы өз күчүн сактай албады, тескерисинче, бөлүнүп кетти... Тунис окуяларына карата Англиянын жандашуусун карап чыксак, болуп өткөн окуялар ал үчүн капыстан жүз бергенин көрөбүз. Британиянын Гардиан (The Guardian) гезити «Гардиандын Тунистеги төңкөрүшкө карата көз карашы: жаз кышка айланууда» деген аталышта макала жарыялады. Бул тууралуу «Ал-Жазира» веб-сайты 2021-жылы 27-июлда кабарлады. Гезит Тунис контрыңкылабга күбө болгонун айтып: «Коопсуздук күчтөрүнүн телеканалдарга бастырып кириши жакшы белги эмес», - деди. Макалада көрсөтүлгөндөй: «Жарандар кайдыгер аракет кылып, неолиберал идеяларды карманышууда. Анткени, эркиндик жана демократия саясий туруктуулукту жана экономикалык жыргалчылыкты камсыздай албады. Тескерисинче, коррупция, инфляция жана жумушсуздук өкүм сүрдү. Тунистеги үй-бүлөлөрдүн үчтөн бири өткөн жылы коронавирус пандемиясы тарагандан кийин азык-түлүктүн жок калышынан коркуп калышкан. Ачыкталган документтерге ылайык, өкмөт Эл аралык Валюта Фондунан 4 миллиард

доллар көлөмүндө кредит алуу үчүн сүйлөшүүлөрдө нанга болгон мамлекеттин колдоосун бекер кылууга даяр. Бул кредит он жыл ичиндеги төртүнчү кредит болуп эсептелет. Өкмөттүн пандемияга каршы күрөшүнө карата коомчулуктун ачуусу улуттук карыздын көбөйүшүнөн улам дагы да күчөдү. Кредит төлөмдөрү учурда мамлекеттик саламаттыкты сактоо каражаттарынан алты эсеге көп». Т.а. Тунис режими Эл аралык Валюта Фонду аркылуу АКШнын басымы астында турат. АКШ бул басымдар аркылуу Тунистеги өз таасирин бекемдемекчи.

Бул нерселерден Тунистеги Англия таасири чынында эле алсыздаганы маалым болууда. Англиянын таасирин алсыздантккан абал уланып жатканда Франция Туниске күчтүү таризде кирип алуу үчүн эшик ачты. Англия француз таасирин кооптуу эмес деп ойлоду. Анткени, ал Франция менен ар дайым, айрыкча Американын таасирине каршы келишип аракет кылып келген. Алар бул маселеде союздаш эле. Лекин, Британиянын «Брекситы» алардын ортосунда чоң ажырым пайда кылды. Алардын эч бири бул ажырымды жамоого аракет кылбады. Мындан тышкары, Европа Союзунун бир катар мамлекеттери, өзгөчө Германия Франциянын позициясына жакын позицияны карманды. Германия Тунисте жүз берген окуяны Британия маалымат каражаттарында көрсөтүлгөндөй төңкөрүш катары баалабады. «Германия тышкы иштер министрлигинин басма сөз катчысы Мария Адебар дүйшөмбү күнү Тунисте саясий башаламандык күчөгөнүнөн Берлин кабатырланып жатканын билдирип, мамлекетти конституциялык укуктук тартипке кайтарууга чакырды. Бирок, ал жүз берген окуяны «төңкөрүш» эмес деп эсептейт...» (Спутник, 2021-жыл, 27-июль).

в) Франция. Франциянын позициясына келсек, ага көбүрөөк көңүл буруу зарыл. Жаңы президент Кайс Саид колонизаторлукка катуу каршы эле. Анын ыңкылабдык тезистерин туниcтиктер жакшы кабыл алышты. Алар ыңкылабдан кийинки доордо мамлекеттин башкаруусун кандайдыр бир мааниде уланткан «эски гвардияны» жок кылуу үмүтүндө Кайс Саидге

добуш беришкен. Президент Саид 2019-жылы ноябрда президент болгондо алгач Тунистин көз карандысыз президенти эле. Бирок, бирер эл аралык күчкө таянуу пикири анын менталитетинен жана зээнинен орун алган. Ушул себептен улам, Франция ага кучак жайганын көрдү. Франция Тунисти кайра француз тилдүү өлкөлөрдүн активдүү мүчөсүнө айлантууну арзуу кылат. Франция Кайс Саидди өз малайына айлантып алганына далалат кылган бир канча далилдерди көрсөтүп өтөбүз:

– Тунис парламенти президент Кайс Саиддин тарапкерлеринен жана каршылаштарынан турган эки топко бөлүндү. Анын каршылаштары көпчүлүктү түзөт. Президент Кайс Саиддин каршылаштарынан орун алган «Нахданын» союздашы жана парламенттеги Франциянын касташкан душманы «Карама коалициясы» Франция менен Тунис ортосундагы мамилелерди бузууга аракет кылды. Маселен, ал Тунис Франциянын колониясы болгону үчүн «Францияны кечирим суратуу» идеясын парламенттик добушка койду. Сабсий же Марзуки президенттигинин доорунда парламенттин күн тартибине мындай сунуш киргизилбегени ушуну көрсөтөт: президент Саидге каршы болгон блок президентти кыйын ахвалга салууну, Франция-Тунис мамилелерин орчундатууну жана Франциянын колонизатор душмандыгын эске салууну көздөгөн. Бирок, шайлоо кампаниясы учурундагы позициясынан айырмаланып Тунис президенти Францияны коргоо позициясын карманды. Ал өз билдирүүсүндө: «Ким кечирим сураса өзүн айыптаган болот», - деди. Ал: «Келечекке назар салалы», - деп кошумчалады… Франция Тунисте кылмыштарды кудум Алжирдегидей түздөн-түз колонизаторлук негизинде эмес, режимдин коргоосу астында жасаган. Тунистиктер көз карандысыздык үчүн абдан чоң курмандыктарды беришкен. Кечирим суроону талап кылуу – алардын укугу. Лекин, кечирим суроонун өзү жетиштүү эмес. Кайс Саид: «Мүмкүн, айрым долбоорлор же жаңы кызматташуу кечиримдин ордуна өтүшү мүмкүн», - деди. Ал кечирим суроо менен актанбастыгын билдирип: «Мен таң калам,

эмне биз 60 жылдан кийин гана кечирим суроону талап кылып жатабыз?», - деген суроону ортого салды. («ultratunisia.com», 2021-жыл, 23-июнь).

– «2020-жылы июнь айында Кайс Саид Франция менен мамилелерди тереңдетүү үчүн өз кызматын ээлегенден кийин биринчи Европа сапарын Франциядан баштады». (Анадолу агенттиги, 2021-жыл, 4-июнь). Тунис президентинин Париж сапарынан мурун жана сапар алдында жогору мартабадагы француз расмийлеринин Туниске келиши Кайс Саид президент болгондон кийин эки мамлекеттин ортосундагы мамилелердин өзгөчөлүгүн көрсөтөт. «Президенттин Францияга чакырылышы эки мамлекеттин ортосундагы аскерий кызматташуу долбоорлорунун башталышы болушу мүмкүн. Өзгөчө, ушул визиттин алдынан Франция коргоо министри 2020-жылы май айында Туниске сапар кылды. Андан мурун Франция башкы штаб башчысы келген эле. Эки визиттин мазмуну жөнүндө эч кандай түшүндүрмө берилбеди. Жалпы проблемалар жөнүндөгү билдирүүлөр гана берилди». (Ал-Жазира, 2021-жыл, 18-июнь).

– Тунистеги кризис тереңдеп, Франциянын колдоосуна муктаждык көбөйгөн сайын Франция жогорку мартабадагы чиновниктерин Туниске жөнөтүүнү улантты. «Түрдүү кризистерди башынан өткөрүп жаткан жана коронавирус пандемияси астында эзилген Африка мамлекети менен мамилелерди бекемдөө максатында Франция премьер-министри Жан Кастекс шаршемби күнү алты министр менен биргеликте Туниске келди. Анын сапары бейшембиге чейин уланат. Сүйлөшүүлөрдө «экономикалык кызматташуу», «колдоо көрсөтүү» жана «саламаттыкты сактоо кризиси» сыяктуу маселелер талкууланды. Сапар учурунда бир катар келишимдер да түзүлдү. Тунисте ылдам поезддер тармагын куруу боюнча жолугушуудан тышкары тунис жана француз ишкерлери тарабынан уюштурулган санарип тармактар боюнча да жолугушуу болуп өтөт». (Франс 24, 2021-жыл, 2-июнь).

– Тунис президенти Франция өткөргөн жана Парижде болуп өткөн Африка экономикалык саммитине да катышты. (Спутник, 2021-жыл, 22-май).

Саммитте Туниске айрым коронавирус вакциналарынан тышкары эч кандай тышкы жардам көрсөтүү айтылбады. Бул болсо, сапардан көздөлгөн максат президент Макрон менен Тунистин ички кырдаалын талкуулоо болгонун көрсөтөт. Анткени, Кайс Саид француз басма сөзүнө Тунистеги ички кырдаал жөнүндө көп сүйлөдү. Бул визит Ганнушийдин «парламенттик дипломатия» деп атаган Катар сапарына өч алуу катары жасалган сапар болушу да мүмкүн. Башкача айтканда, экөөсү тең кожоюндары жана малай достору менен күчтүү болууга аракет кылышууда.

– Франция саламаттыкты сактоо тармагындагы долбоорлорду каржылоо жана жумуш менен камсыздоо мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруу үчүн 2022-жылга чейин Туниске 1,7 миллиард евро көлөмүндө жардам жана кредит берүүгө убада кылды. Франция президенти Макрон Тунис президенти Кайс Саиддин 2020-жылдын ортосунда Парижге жасаган сапарында Туниске 350 миллион евро карыз берилишин билдирген...». (Араб Жадид, 2020-жыл, 2-ноябрь).

– 2021-жылы 28-июлда Ал-Жазира Франциянын расмий билдирүүсүнөн цитата келтирди. Билдирүүдө Франция тышкы иштер министри Ле Дриан: «Франция Тунистеги саясий абалга байланыштуу өзгөрүүлөрдү дыкат күзөтүүдө», - деди. RT 2021-жылы 28-июлда ушул кабарды таратты: «Франция тышкы иштер министрлигинин шаршемби күнкү билдирүүсүндө Ле Дриан бүгүн тунистик кесиптеши Усман Жаранди менен телефон аркылуу сүйлөшкөнү айтылды. Билдирүүдө көрсөтүлгөндөй, Ле Дриан «мамлекеттеги саясий кризис шартында батыраак премьер-министр дайындоо жана тунистиктердин үмүттөрүн аткара турган өкмөт түзүү маанилүү экенин баса белгилеген».

Корутунду: Тунисте курчуп бара жаткан эл аралык күрөштүн белгилери ушуну көрсөтүүдө: ал жердеги күрөш эски жана чоң таасир ээси Англия менен жаңы жана туруксуз таасирге ээ Франция ортосунда болуп жатат. Франция жана анын малайлары Америка жана анын малайлары аркылуу

Туниcтеги англис малайларына каршы күчөмөкчү болуп жаткан болсо да, Америка бул күрөштө али да оор салмакка ээ эмес. Франция өзүнүн Туниcтеги малайларын Мисрдеги Америка малайлары тарапка багыттаганын да көрүүгө болот. Бирок, Мисрдин Туниcтеги таасири Тунис менен чектешкен Алжирдеги англис малайларынын таасирине караганда кыйла төмөн. Ошондуктан, Алжир президенти Тунис жана Тунис менен Франция мамилелерине ишара кылып мындай деди: «Теббун Франциянын Алжирге олуттуу карашын айтты. Журналисттин Франция али да Алжирди француз провинциясы деп эсептейби деген суроосуна, «Жок, жок» деп оңдоп койду. Кийин: «Сиз башка мамлекетти назарга алып жатасыз. Анткени, француздар сиз назарга алган ошол мамлекетке буйрук беришет. Ал мамлекет болсо, буйруктарды каршылыксыз аткарат», - деди. Тунис президенти Кайс Саиддин Францияга жасаган сапарында: «Тунис колония астында болбогон, коргоо астында болгон», - деген сөздөрүнөн кийин, айрымдар Алжир президенти ошол сөздөрү менен Туниске ишара кылууда деп ойлошту... (https://el-hosary.com, 2021-жыл, 8-июль).

Бул эл аралык позициялардан Франция Англия менен Туниcтеги бийлик үчүн күрөшүп жатканы маалым болууда. Лекин, күрөш Европанын ичинде болуп жатат. Америка катышкан жок. Америка күрөштө активдүү катышпагандыктан Тунисте жүз береген окуяны терминологиялык маанидеги эл аралык күрөш деп атабайбыз. Жогоруда айтканыбыздай, бул Европа ичиндеги, айрыкча, бир тараптан Франция жана Германия, башка тараптан Англия ортосундагы күрөш. Ошентип, күрөш узакка созулбайт, тараптар өз ара келишүүгө кайтышат, көбүрөөк ыхтымалга ылайык, Англиянын таасири Тунисте жок болуп кетпейт. Анткени, Англия саясий айла-амалдуу мамлекет. Франция болсо, андай эмес... Бирок, биз алардын ортосундагы карама-каршылык кескин болушун жана биздин колубуз менен Халифалык тикеленишин кудуреттүү жана күчтүү Аллахтан сурайбыз.

Халифалык менен Ислам жана мусулмандар кубаттуу, куфр жана кафирлер кор болот.

«Ошол күндө момундар Аллахтын нусраты себептүү шаттанышат. (Аллах) Өзү каалаган кишиге нусрат берет. Ал кудуреттүү жана ырайымдуу » [30:4-5]

**22-зул-хижжа, 1442-х.**

**1-август, 2021-м.**

## Түндүк Корея тууралуу суроолорго жооптор

### Түндүк Кореянын ядролук сыноосунун акыйкаты

**Суроо:** *Түндүк Кореянын ядролук сыноо өткөргөнүн жарыя кылышынын артында эмнелер турат? Ал чындыгында бул сыноону өткөрдүбү же саясий максатты көздөп ойлоп чыгарылган маалымат дүрбөлөңүбү?*

**Жооп:** Маалым болгондой, Түндүк Корея ядролук мамлекет, т.а. анда илимий о.э. маддий кудурет (потенциал) бар. Ага - Хрушчев менен Кеннеди ортосунда 1961-жылда бүтүмгө кол коюшунан мурун – Советтер союзу жардам берип келген эле. Мына ошондон кийин Советтер союзунун Кытай менен мамилелерди жамандашкан убакытта Кытай Түндүк Кореяга жардам берүүнү улантты. Мурун башта Кытай аны күчтүү куралдар менен, кийинчерээк болсо ядролук курал менен куралдантуудан Кореяны кайра бириктирүүнү максат кылган эле. Америка болсо, буга каршы турду жана буга жол койбоо үчүн Түштүк Корея менен аскердик жана экономикалык бүтүмдөр түздү.

Америка менен Кытай ортосунда алакалар орнотулганынан кийин Кытай Кореяга негизги максатка жетүү тууралуу (т.а. Кореяны бириктирүү тууралуу) берип жаткан жардамды кемейтти. Ошондон кийин зор берип куралдануу Түндүк Корея экономикасын оор жүк болуп түшө баштады. Эми анын максаты Түштүк Кореяны басып алуу эмес, балким, өз вужудун сактап калуу болуп калды. Айрыкча анын экономикалык ресурстары кемейип,

дээрлик жакырлашып калган экен, ушуга мажбур болду. Ошондуктан, Түндүк Корея куралданууну кемейтмекчи жана өз экономикасына көңүл бурмакчы болуп жатат. Бирок, ал өзүн саламат сактап калууну кепилдеп алмакчы болду. Анткени, ал кооп Америка тарабынан келишин жакшы билет. Ошондуктан, Америка менен «чабуул кылбоо» туурасындагы бүтүмгө кол коюу о.э. Түштүк Корея жана Япония менен болгон экономикалык абалды (ала турган жардамдарды) тартипке келтирүү максатында этибарды тартуу үчүн коркууга салуучу провакацион иш-аракеттерди баштады. Ал өзүнүн Түштүк Корея жана Япония менен болгон экономикалык абалын жакшылашы, эгер Америка менен бир бүтүм түзсө гана мүмкүн болушун, себеби, ага коңшу болгон мамлекеттерди кыймылга келтирүүчү Америка экендигин жакшы билет.

Америка эки тараптама сүйлөшүүлөрдү четке кагып, алты тараптама сүйлөшүүлөргө ыраазы болду. Максаты бул маселеге коңшу мамлекеттерди да кошуу эле. Ошондо душмандын бир гана Америка менен Түндүк Корея ортосунда гана болуп калбай, балким анын кошуундары арасында да душман тараптар (атаандаш деп параз кылына турган тараптар) табылып калган болот эле. Ошентип, Корея өз каалоосуна жетише албады.

Акыркы убакытта ядролук сыноолорду кайра баштоо Американы Түндүк Корея менен сүйлөшүү алып барууга мажбурлоо о.э. коопсуздук жана тынчтык туурасында бир бүтүм түзүп, ага Американын кол коюуга жетишүү үчүн кылынып жаткан бир саясий иш-аракет. Түндүк Корея мына ушуга жетишсе өзүнүн экономикалык абалын жакшылоого колу бошойт.

Т.а. эки Кореяны бириктирүү үчүн Түндүк Кореяны зор берип куралдантуудан көздөлгөн максат 1961-жылдан баштап Советтер союзу тарабынан аркага сүрүлгөн болсо, токсонунчу жылдын ортолорунан баштап, т.а. Америка-Кытай мамилелерине жылуулук кире баштаган убакытта Кытай тарабынан аркага сүрүлдү.

Демек, Түндүк Корея өзүнүн экономикалык абалын жакшылоого колу бошошу үчүн өз вужудун сактап калууну кепилдемекчи болуп жатат. Бул болсо, Америка менен ушул туурада эки тараптама бүтүмгө кол коюуну талап кылат. Америка болсо, ушул региондогу мамлекеттер ортосунда талкуу кылына турган бүтүмдөн болушуна гана ыраазы. Мындан башкасын четке кагып жатат. Анткени, көп тараптама бүтүмгө кол коюлса Америка Кореяга милдеттемелер жүктөөдө кең мүмкүнчүлүккө ээ болот...

Ушуга караганда демек, ядролук сыноолорго тиешелүү иштер (жана Корея булуңундагы провакацион иш-аракеттер) Американы Түндүк Корея менен эки жактама бүтүмгө кол коюуга ыраазы болууга мажбур кылуу үчүн абалды кескиндештирип, этибарды тартуу.

Эми силердин ядролук сыноо чындыгынан да өткөзүлгөнбү же жокпу, деген суроолорго келсек, мындай сыноо чындыгынан да өткөзүлгөн. Бул сыноо кооптуу радиацияны келтирип чыгара турган чоң сыноо эмес. Айрыкча сыноо өткөзүлгөн регион Кытайга коңшу экен, ал ушунчалык чоң болбоду. Анткени, Корея үчүн Кытайдан башка тыяныч калбады.

Кытай азыр мурункудай Америка менен кескин душмандык абалында эмес. Тескерисинче, бул жерде айрым Америка компаниялары аркылуу бир канча экономикалык пайдалар пайда болгон. Ошондуктан демек, Кытайдын абалды кескиндештирбөөгө урунушу күтүлөт. Ал алты жактама сүйлөшүүлөрдү капитализм жолуна туура келе турган орточо (муросасоз) чечим натыйжасын бере турган түстө кайра баштоого урунушу да мүмкүн. Ал эми, Америка менен Түндүк Корея ортосунда алты жактама сүйлөшүүлөр чөйрөсүнө кирбей турган эки жактама бүтүмдүн түздөн-түз кол коюлушуна келсек, бул нерсе лоакал жакын келечекте күтүлбөйт.

Эми болгону бир ыктымал калды. Ал да болсо, Түндүк Кореянын азыркы экономикасы өтө күчсүз. Ошондуктан, ал Кытайдан жардамдар алып жатат, Түштүк Кореядан да бир мынча жардам алат. Ал өз тынчтыгын кепилдеп, куралданууга кетип жаткан сарп-каражатты кемейтирмекчи жана

негизги этибарын экономикасын оңдоого каратмакчы... Ошондуктан, эгер иштер бир жайда калкып тура берсе жана Түндүк Корея өз коопсуздугун камсыздоо үчүн Америка менен чабуул кылбоо туурасында бир бүтүмгө жетишпесе... Т.а. бурчка кысып коюлса дагы да чоңураак, т.а. кооптуурак иш-ракетти кылышы ыктымалы бар. Бирок, Кытайдын Түндүк Кореяга басым өткөзүүчү позициясы себептүү бул ыктымал күчсүз. Себеби, Түндүк Кореяны экономикалык жактан колдоп-кубаттоочу негизги булак Кытай, ал Кореяга жардамдар берип турат. Ошондой болгон соң, Кытай Кореяга бир мынча таасир өткөзө алат.

Ошондуктан эң күчтүү ыктымал, иштердин алты жактама комиссия тарапка багытталышы жана ушул проблемага тиешелүү тараптардын аброю бир мынча сактала турган түстө Америка менен орточо (муросасаз) чечимдерге келишишинен турат.

**23-октябр 2006-м.**

**АКШ-Түндүк Корея алакасындагы кескиндик тууралуу**

**Суроо**: *2009-жылы 25-майда Түндүк Корея ийгиликтүү ядролук сыноо өткөргөнүн жарыя кылды. Түндүк Корея мындан мурун, 8-майда Обама жетекчилигин өзүнө каршы душмандык иштерин улантып жаткандыкта айыптап, ядролук кубатты күчөтүү менен коркуткан болчу. Түндүк Корея алтылык сүйлөшүүлөрүнө кайтууну четке какты. 2009-жылы 27-майда болсо, «Америка менен кол коюлган келишимге мындан кийин моюн сунуу милдетин албашын» жарыя кылды. Түштүк Кореянын ядролук курал-жарак таркалышына жол бербөөгө тиешелүү Америка коопсуздук демилгесине кошулушуна четке кагуу Жоопу катары ушундай кылды. (ал-Жазира, 2009/5/27).*

*Бул окуяларга карата ээлене турган эл аралык позициянын акыйкаты эмнеден турат? Бул иштер кескиндешүү, согуш жүз берүү жарына карай кетүүдөбү? Же согуш чыгышы божомолдон алыспы жана дагы сүйлөшүүлөргө кайтуу болобу?*

**Жооп**: Ооба, иштер дагы да «кызуу» түс алды. Өзгөчө, Түндүк Корея келишимге моюн сунбашын жарыя кылгандан кийин ушундай болду. Бул келишим Түндүк Корея менен Америка ортосунда 1953-жылы 27-июнда кол коюлган эле, 1950-жылы 25-июнда башталган Корея согушу ушул келишим боюнча токтогон болчу. Бирок, Түндүк Корея менен Америка ортосунда тынчтык келишимине кол коюлбаган. 2006-жылы октябрда Түндүк Корея биринчи ядролук сыноону өткөргөндөн тартып иштер этибарды тарта турган даражада «кызуу» түс алган. Андан кийин өткөн айда баллистикалык ракетаны сыноодон өткөргөндөн кийин иштер дагы да «кызуу» түс алды. Баллистикалык ракета сыноосу Түндүк Кореянын өз ядролук бомбасын бутага жетип барышына жол койбоо жана тоскоолдук коюуга мүмкүн болгон самолёт менен эмес, балким алыс аралыкка учуучу ракета менен таштоого кудуреттүү болуп калганын түшүндүрөт. Ошондуктан, иштер бир нече күн мурун, 2009-жылы 25-майда, Түндүк Корея дагы бир ядролук сыноону ийгиликтүү өткөргөнүн жарыя кылганда дагы да кескин түс алды.

Эл аралык позициялар болсо төмөндөгүчө болду:

1 - Буга каршы мамилелер билдирилип, Түндүк Кореяны жазалоо үчүн Коопсуздук Кеңеши токтом чыгарууга чакырылды. Түндүк Корея буга башка кадамдарды таштоо коркутуусу менен жооп берди. 2009-жылы 25-майда Түндүк Корея расмий маалымат агенттиги Түндүк Кореянын тышкы иштер министрлигинин расмий өкүлүнүн: «Эгер, Коопсуздук Кеңеши жаңы провакацияларды кыла турган болсо алдыбызда өзүбүздү коргоо үчүн кошумча кадамдарды таштоодон башка арга калбайт», деген сөздөрүн айтат.

2 - АКШнын мамилесине келсек, Барак Обама мындай дейт: «Түндүк Кореянын ядролук жана ракета программасы дүйнөдөгү тынчтыкка о.э. коопсуздукка кооптуу коркунуч туудурат. Мен анын бул жеңил ойлуу ишин катуу каралаймын. Түндүк Кореянын иштери Түндүк-Чыгыш Азия калкына коркунуч туудурат о.э. эл аралык мыйзамды ачык-анык эле бузуу болуп эсептелет жана Түндүк Корея мурун жоопкерчилигине алган

милдеттерге тескери. Кошмо Штаттар жана эл аралык коомчулук буга каршы чаралар көрүшү керек».(«Россия бүгүн», 2009/5/25). Америка коргоо министри Роберт Гейтс болсо, коопсуздукка жана коргонууга карата Сингапурда өткөрүлгөн конференцияда мындай дейт: «Кошмо Штаттар Түндүк Кореянын ядролук куралга ээ болушун таптакыр кабыл албайт». Ал ядролук куралдануу атаандаштыгы күчөшүнөн эскертип, мындай дейт: «Түндүк Корея өзү каалаган бутаны кыйратууга болгон кудуретин бекемдөөнү улантып жаткан кезде Кошмо Штаттар буга унчукпастан турбайт». Ал дагы мындай дейт: «Барак Обаманын жетекчилиги ядролук технологиянын башкалардын колуна өтүп калышы жаатындагы бардык жоопкерчиликти – мындай башкалар мамлекеттер болобу же расмий эмес уюмдар болобу, мунун айырмасы жок – Пхеньяндын жоопкерчилигине жүктөйт. Себеби, муну Кошмо Штаттар жана анын союздаштарына коркунуч туудура турган коркунуч, деп эсептейт». (ал-Жазира, 2009/5/30). Ошентип, Америка бул билдирүүлөр менен Түндүк Кореянын аракеттеринен кыжырданып жатканын билдирди жана мындай аракеттер дүйнөдөгү тынчтыкка, айрыкча Түндүк-Чыгыш Азия регионуна коркунуч туудурушуна шилтеме кылды. Т.а. Америка Түндүк Кореяга каршы чаралар көрмөкчү экенин маалым кылды жана ядролук технологиянын башка мамлекеттерге же расмий эмес уюмдарга өтүп калышынан эскертти.

Американын Түндүк Корея ядролук программасы менен болгон чыр-чатагы кече эле башталган эмес. Тескерисинче, бул чыр-чатак 1986-жылы башталган. Ошондо, Америка Түндүк Кореядан өзүнүн ядролук программасы жөнүндөгү маалыматтарды жана деталдарды тапшырууну талап кылган. Корея болсо, муну четке кагып, аларды Кытайга тапшырган эле. Ошол документ 19 миң беттен турган. 1994-жылы Америка Түндүк Кореянын ядролук реакторлоруна сокку берүү менен коркуткандан кийин Америка менен Түндүк Корея ортосунда келишимге кол коюлду. Ошол келишим боюнча, Түндүк Корея өзүнүн ядролук программасын токтото турган жана

1987-жылы иш баштаган Йонгбондогу ядролук реакторун жаап коё турган болгон. Мунун акысына Америка аны жеңил сууда иштей турган экки ядролук реактор менен камсыздай турган болду. Бирок, Америка убадасына моюн сунбады. Ушудан кийин Корея ядролук аракетин кайра баштап, Йонгбондогу реакторду кайра ишке түшүрдү жана эл аралык күзөтүүчүлөрдү мамлекеттен кууп чыкты. Бул 2002-жылдын аягында, Америка Түндүк Кореяны жашыруун ядролук программасы бар экендигинде айыптагандан кийин жүз берди. Түндүк Корея да өз кезегинде, Американи жеңил сууда иштей турган эки ядролук реакторду берүү жөнүндөгү убадасынан кайткандыкта айыптады. 2006-жылы октябрда Түндүк Корея биринчи ядролук сыноону өткөргөнүн жарыя кылды. 2007-жылы февралда болсо Түндүк Корея, Америка, Россия, Кытай, Япония, Түштүк Кореядан турган алтылык жолугушуусунда Йонгбондогу ядролук реакторду жаап коюу тууралсындагы келишимге кол коюлду. Аны жаап коюунун акысына Түндүк Кореяга аны жанылгы менен камсыздоо үчүн жардамдар бериле турган болду. Америка Түндүк Кореяга 25 миллион доллар беришин жарыя кылды. Бул акчалар Түндүк Кореяга өткөндөн кийин ал текшерүүчүлөр жана күзөтүүчүлөр тобун мамлекетке киргизүүгө уруксат берди жана Йонгбон реакторун жаап койду. 2008-жылы июлда болсо, Түндүк Корея өзүнүн ядролук программасынан баш тартууга тиешелүү келишим алкагында өзүнүн ядролук программасына тиешелүү отчётун тапшырды. 2008-жылы Америка менен Түндүк Корея ортосундагы сүйлөшүүлөр токтоп калды. Буга Американын Түндүк Кореянын мурунку келишимдердеги милдеттерине моюн сунуп жатканына ишенүүгө чакырышы себептүү жүзөгө келген келишпестиктер себеп болду. Ушул жылдын башында Түндүк Корея алтылык сүйлөшүүлөрүнөн чыгып кетишин жана эл аралык текшерүүчүлөрдү мамлекеттен кууп чыгарып, Йонгбондогу реакторду кайра ишке түшүрүшүн жарыя кылып, ядролук сыноолор өткөрүүнү кайра баштоо менен коркутту. Апрель айынын башында болсо, спутникти алып уча турган

алыс аралыкка учуучу ракетаны сыноодон өткөргөнүн маалым кылды. Андан кийин Коопсуздук Кеңеши муну каралай турган жана Кореяга каршы жаза-чараларды колдонууну талап кыла турган токтом кабыл алды. Бул жаза-чаралар 2006-жылдагы Коопсуздук Кеңешинин 1718 номерлүү токтомунан кийин токтотуп коюлган. Ошодон кийин 2009-жылы 14-апрелде Түндүк Корея, Коопсуздук Кеңешинин мындан бир күн мурун чыккан токтомунан кийин өзүнүн алтылык сүйлөшүүлөрүнөн чыгып кетишин экинчи жолу жарыя кылды, бул сүйлөшүүлөрдөн эч кандай пайда жоктугун, ошондуктан алтылык сүйлөшүүлөрүндө кол коюлган эч бир келишимдерге моюн сунууга мажбур эмесин билдирди. Бир нече күн мурун т.а. 25-майда болсо экинчи ядролук сыноосун ийгиликтүү өткөргөнүн жарыя кылды.

Мындан, Америка Түндүк Кореяны өзүнүн ядролук аракетин токтотуусунун акысына куру убадалардан башка эч нерсе бербей, жалган милдеттер алып, же кийинкиге сүрө турган, же баш тарта турган, же бир бөлүгүнөн баш тарта турган милдеттерди алып, алдоого урунуп келгени белгилүү болот. Бирок, Түндүк Корея аң-сезимдүү болуп чыкты. Себеби, ал качан Американын убаданы аткаруудан моюн толгоп жатканын көрсө, ядролук аракетин кайра баштоо жолуна өтө турган болду. Америка бул теманы бүтүндөй чечүүгө киришпеген көрүнөт. Аны толук чечүүгө Кытай менен болгон алакасын кескиндетүүнү жана ортодо келишпестик пайда болушун каалабай жатканы тоскоолдук болуп жатканы себеп болушу мүмкүн. Себеби, Американын Кытайда Түндүк Корея ядролук реакторунан көрө чоңураак жана маанилүүрөөк кызыкчылыктары бар.

Американын ушул региондогу аракаттеринен, билдирүүлөрү жана билдирип жаткан мамилелеринен да анын башка максаттары бар экени көрүнүп турат. Ошол максаттардын бири өзүнүн ушул региондо турушун бекемдөө. Мына ошондо бул регион үстүнөн өкүмдарлыгы бекем болуп кала берет. Себеби, регион мамлекеттери Америка коргоосуна муктаж болуп калат. Ошондо, Америка бул мамлекеттерди тукуруу жана алардан

пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Өзгөчө, анын бул региондо чоң аскерий күчтөрү бар болгон соң, ушул мүмкүнчүлүккө ээ болот. Бул региондогу Америка күчтөрүнүн саны 250 миңге жетет. Ошондуктан, биз Америка коргоо министри Роберт Гейтстин Сингапурда өткөрүлгөн коопсуздук конференциясында Түштүк Корея жана Япония коргоо министрлери менен өзүнчө учурашып, бул жолугушуудан кийин: «Маанилүүсү, Түштүк Корея, Япония, Кошмо Штаттар жана бүткүл дүйнө бул проблемага каршы туруу үчүн кызматташтык кылышы», деп жарыя кылганын көрүп турабыз. (Сава радиосу, 2009/5/31). Бул болсо, Американын бул регион үстүнөн өз өкүмдарлыгын орнотуу, өзүнүн лидерлигин бүткүл дүйнөгө тастыктоо о.э. Кытайды коңшусу жана союздашы болгон Түндүк Корея менен Америка ар кандай учурда согушту күчөтүшүнүн мүмкүндүгүнөн коркутуу үчүн бул проблемадан пайдаланууга урунуп жатканын түшүндүрөт. Т.а. Америка ушул проблема аркылуу Кытайды провакация кылып, аны экономика, соода, финансы жана ушул регионго таандык саясат жаатында жан берүүлөргө жана жеңилдиктер берүүгө мажбур кылууга урунууда. Америка Кытайдын Тайванды кошуп алышына жол койбоого же аны кечиктирүүгө, Түндүк Кореяны, анын ядролук куралын жана ракеталарын шылтоо кылып, Кытайды курчап турууга жана анын чегараларында өзүнүн сакчы самолёттору учуп жүрө беришине урунууда. Американын мындай шылтоону шылтоо кылышынан таңыркабоо керек. Себеби, ал Корея о.э. Иран ракеталарын шылтоо кылып, Россияга каршы Польшада ракетага каршы ракеталар түзүмүн, Чехияда болсо радарларды жан үрөп орнотууда.

3 - Кытайдын позициясына токтоло турган болсок, ал Түндүк Кореянын акыркы ядролук сыноосунан кийин оор-басырыктуу менен иш кармануусга жана дипломатиялык жол тутууга чакырды. Мисалы, Кытай башкы штабынын башчысы Мо Чао Тян Сингапурда өткөрүлгөн коопсуздук жана коргонуу конференциясында «Түндүк Корея жаатында оор-басырыктуу

жана ойлоп иш кылуу ыкмасын карманууга» чакырды. Ал регионду массалык кыргын куралдарынан тазалоого да чакырды. (Ал-Жазира, 2009\5\30). Бул болсо, Кытайдын Түндүк Кореяга сокку берилишине ыраазы эмесине далалат кылат. Кытай да Америка бул маселеден кандай пайдаланса ошондой пайдаланууда. Себеби, Кытай Түндүк Кореяны колдоп-кубаттоо «картасын» Тайван аралы маселесинде ишке салууда. Бул аралды өзүнө кошуп алуу үчүн ушундай кылууда. Кытай мындан Американы Тайван аралынын Кытайга кошулушуна макул болууга мажбурлоо үчүн Америкага каршы бир басым өткөрүүчү карта катары пайдаланмакчы. Демек, Кытай да дал Америка сыяктуу, бул проблемадан Тайван жаатында пайдаланууга урунууда. Бирок, Америка менен Кытайдын бул урунуу багыттары бир-бирине тескери.

4 - Түштүк Корея болсо, иштердин дагы да кескиндешин жана өзүнүн зыянына согуш келип чыгышын каалабайт. Ошондуктан, Түштүк Кореянын коргоо министри Ли Санг мына ушул конференцияда «Өзүнүн мамлекети Түндүк Корея менен жүз берген бул кризисти алтылык сүйлөшүүлөрү боюнча жана эл аралык коомчулук алкагында чечүүгө аракет кылышын» билдирди. (Жогорудагы булак). Түштүк Корея Түндүк Корея менен ар дайым келишим түзүүгө аракет кылып келет. Бул эки мамлекеттин президенттери ортосунда 2000 жана 2007-жылы эки саммит болуп өттү. Булардын баары Түштүк Кореянын демилгеси менен болду.

5 - Россиянын позициясы болсо, орус президентинин маалымат бөлүмү президент Медведев Япония премьер-министри Таро Осо менен телефондо сүйлөшкөндөн кийин «Эки тарап эл аралык тынчтык түзүмүнө коркунуч салып жаткан мындай аракеттерге карата күчтүүрөөк мамиле билдирүү зарылдыгына келишип алгандыгын» маалым кылды. («Россия бүгүн», 2009/5/30). Россия тышкы иштер министринин орунбасары Александр Бородовкин мурунураак Пхеньянды баллистикалык ракетаны учурууну токтотуп турууга чакырган. («Россия бүгүн», 2009/3/27). Бул болсо,

Россиянын Түндүк Кореяга карата ээлеген позициясы Кытай позициясынан башкача экенине далалат кылат. Россия бул позицияны ээлөө менен Япония менен жакшы алакалар орнотууну максат кылууда. Себеби, Түндүк Кореянын өз ядролук программасын жана ракеталарын өнүктүрүүдө Россия үчүн кызыкчылык-пайда жок. Россия Американын бул проблеманы регион үстүнөн өз өкүмдарлыгын бекемдөө үчүн бир шылтоо кылып алышын каалабайт. Ошондуктан, Россия Кореянын алтылык алкагындагы сүйлөшүүлөрдө туруктуу катышуусун жана Түндүк Кореяны өзүнүн ядролук программасын жана ракеталарын өнүктүрүүдөн токтото турган бир чечимге келмейин, арийне Корея жарым аралы маселеси деген нерсе жоюлмайын бул сүйлөшүүлөрдөн чыгып кетпестикти каалайт.

6 - Эми, окуялардын кескин түс алышы согуш чыгышына алып келишине, башкача айтканда Американын Корея ядролук курулуштарына чабуул кылышына келсек, бул божомолдон алыс, кеминде жакынкы күндөрдө бул божомолдон алыс. Себеби, Америка Түндүк Корея ядролук бомбага да, баллистикалык ракеталарга да ээ болбогон кезде мындай чабуулду кылбады. Негизи, ошондо Америка Кореянын ушуга карай бара жатканын билген жана ядролук кубатка жетишин божомол кылган эле. Ошондой болгон соң, азыр Корея ядролук курал-жаракка ээ болгон тапта, өзгөчө Кореянын Кытай менен болгон алакасы дагы эле күчтүү болуп турган мезгилде Америка ага каршы кандай кылып согуш кылышы мүмкүн? Ошондуктан, демек Американын Түндүк Кореяга каршы – ал мына ушул кубатка ээ болуп калгандан кийин – согушушунун божомолу күчсүз. Ага каршы согушуу азыр айтып өткөнүбүздөй, кеминде жакынкы келечекте божомолдон алыс. Бирок, Американын Түндүк Кореяны сүйлөшүүлөр жана кызыктыруулар аркылуу тизгиндөөгө урунуп, башка каражаттарды колдонууга өтүшү күтүлөт. Америка түрдүү каражаттар менен Түштүк Кореяны Түндүк Кореяга жакындаштырып, анын ичине кирип алууга, ичиндеги айрым жардамчылар менен алака каналдарын жүзөгө келтирүүгө,

андан кийин ал жердеги жетекчиликти өзгөртүүгө, ийкемдүүрөөк жетекчиликтин бийликке келишине т.а. Америка менен тил табышы, анын сунуштарын же кызыктырууларын кабыл алышы мүмкүн болгон жетекчиликтин бийликке келишине аракет кылат. Мындай абал мурун коммунисттик жолду карманган бардык социалисттик мамлекеттерде жүз берген. Айрыкча, Түндүк Корея бууп таштоочу экономикалык кризистен жана жекеленип коюудан азап тартып жатканы үчүн Америка ушуга аракет кылат. Булардын баары, мейли натыйжасы кепилденбеген болсо да, бирок Американын бул жаатта бар күчүн жумшоосу күтүлөт.

**31-май, 2009-м.**

## Америка менен Түндүк Корея согушабы?

**Суроо:** *Америка менен Түндүк Корея ортосундагы чыңалуу өз чегине жетип барды. Америка Түштүк Кореяда ири масштабтуу аскерий машыгууларды өткөрө баштады. Америка бул чыңалуу алкагында согуштук кемелердин топтомун, анын ичинде тик учак учуп коно турган кемесин да Түндүк Кореяга жакын аралыкка алып барды. Түндүк Корея болсо өзөктүк согушу менен коркутту. 2017.04.15 «Би Би Си»нин маалыматына ылайык: «Түндүк Корея Америкага аймакта кандайдыр бир чагымчылдык иш кыла турган болсо, өзөктүк соккусу менен Жооп берерин эскертти». Бул чыңалуунун акыйкаты кандай? Бул эки өлкө ортосунда өзөктүк согуш болушу мүмкүнбү? Кийин Кытайдын өз чек арасына жакын аралыктагы бул чыңалууга позициясы кандай болот, айрыкча, Түндүк Корея ага каршы эсептелген абалда?*

**Жооп:** Ооба, Америка менен Түндүк Корея ортосундагы чыңалуу өз чегине жетип барды. Трамп өз мансабына келгенден баштап, Түндүк Кореянын өзөктүк ракеталарын сыноосу Американын Түндүк Кореяны опузага алуусуна жүйө болуп калды. Трамп бийликке келгенден баштап, Түндүк Корея менен Америка ортосундагы чыңалуу көңүл бурарлык деңгээлге чыкты. Трамптын администрациясы Азиядагы союздаштарынын

кызыкчылыгы үчүн «Түндүк Корея коркунучу» аталышындагы «коркунучка» чек коюуну биринчи кезектеги маселе катары көтөрүп, бийликке келишти. Буга болгон ишаралар төмөнкүчө:

1. Түндүк Корея маселеси Америка стратегиясы үчүн күчтүү душмандыкты билдирген аскерий маселе эмес. Түндүк Кореянын түзүмү Америка түзүмүнө баш ийбеген коммунусттик түзүм болгону менен, анын аянты кичинекей болгондуктан, анын аскерий кубаты да Американы коркунучка сала турган негизги маселелерден эмес. Бирок, ал Кытайды ооздуктап туруудa Америка ыхтыярынын бир бөлүгү болуп саналат. Америка Кытайдын өнүгүп баратышын өзүнө карата ири кооп-коркунуч катары карайт. Кытайдын кубатын чектеп койуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү караштырат. Мына ушул Американын Кытайга карата кылган ыхтыярынын бир бөлүгү катары, Кытайдын чек арасынын жака белинде чыңалуу кырдаалын пайда кылуу максатында, Түндүк Кореяны тандады. Муну тастыктай турган нерселер: Обама Кытайдын айланасында союздарды түзүүнү жандандырды. Америка бул жаатта Индия, Филиппин, Вьетнам, Түштүк Корея жана Жапония менен алакасын күчөттү. Американын бул союздарды түзүүдөгү максаты Кытайды курчоого алуу жана Түштүк Кытай деңизи аркылуу дүйнөгө алып чыга турган Кытайдын соода жолдорун жана анын саясий кызыкчылыктарын чектөөгө багытталган. Американын Түндүк Корея менен кырдаалды курчутуусу Американын Кытайдын айланасында кылып жаткан чыңалууларынын бири гана болуп саналат. Мисалы, ал Кытай менен Индия ортосунда чек ара маселериндеги талаш-тартышты да күчөтөт. Кытайдын Жапония, Филиппин, Вьетнам, Малайзия ортосундагы талаштуу аралдар маселесин да көтөрөт. Дагы бир тараптан, Америка Кытайды ооздуктоо максатында, Жапония Кытайга бетме-бет келиши үчүн, Жапонияга карата койулган аскерий тосуктардын көп бөлүгүн алып салды. Бүгүнкү күндө Америка «коркунуч» маселесин негизги маселеге айлантуусу Американын Кытайга каршы стратегиясынын бир бөлүгү болуп саналат.

Американын азыркы күндө Түндүк Кореяга карата кысым кылуусу күч алса да, негизи, Американын Түндүк Кореяга карата кысым кылуусу жаңы иштерден эмес. Бул стратегия кысым кылуу сүйлөшүүлөрү ыкмасы катары ишке салынган. Пхеньяндын өзөктүк долбоорун токтотуу үчүн 1994-жылы Американын Түндүк Корея менен сүйлөшүүлөрү өз мөмөсүн берди. 2008-жылы «алтылык» сүйлөшүүлөрү алкагында Йонбендеги реактордун иши токтотулду. 2012-жылы Түндүк Кореянын өзөктүк долбоорун токтотуу жана текшерүүчүлөрдү киргизүүгө уруксат берүү тууралуу сүйлөшүүлөрү да өз жемишин берди. Американын алардын ордуна жеңил суу менен, же мунай менен камсыз кылуу убудаларын аткарбагандыгы, же Пхеньянга берем деген жарадамдарын бербей аны кемсинтүүсү себебтүү, Пхеньяндын өзөктүк долбоорун кайра жандантууга болгон ар жолку аракетинин артында Америка турду. Америка эми жаңы ыкманы ишке салды. Ал ыкманын алакагында Америка 60% деңиз аскерий күчтөрүн алыскы чыгыш деңизине алып барды. Америка бул ыкманы ишке салуусунун максаты, кичинекей Кореяга каршы туруу эмес, тескерисинче, Кытайдын кубатын ооздуктоого багытталган. Бүгүнкү күндөгү Америка менен Түндүк Корея ортосундагы жүз берген чыңалуу да ушул ооздуктоо алкагына кирет.

2. Америка ТИМи Тиллерсон «Американын Түндүк Кореяга карата сабырдуулук стратегиясы аягына чыкты» деп билдирүү берди. «Тиллерсон Түштүк Кореянын ТИМи Юн Бен-Се менен Сеулда берген пресс-конференциясында мындай деди: Ачыгын айтсам, сабырдуулук стратегиясы аягына чыкты. Биз мүмкүн болгон жаңы дипломатиялык жана коопсуздук амалияттарынын топтомун караштырып жатабыз». («Reuters», 2017.03.17) Американын бул кадамын ушул нерсе да тастыктап турат. Анткени, Америка Түркиянын жардамы менен Халабдан козоголоңчуларды алып чыгып кетип, Халаб Сирия режимине тапшырылгандан кийин, Сирия жаатында бир аз тынчтанып алды. Тактап айтканда – Америка ойлогондой – Сириядагы козоголоңчулардын коркунучу азая түштү жана Түндүк Корея жаатына көңүл

буруууга мүмкүнчүлүк алды. Ошондуктан, Обама мезгилинде Сирия маселеси күн тартибиндеги биринчи маселе болгондой эле, Түндүк Корея маселеси Трамп администрациясынын биринчи кезектеги маселеси катары күн тартибине койулду. Америка Кытайды курчоого алуу планын аягына чыгара элек. Ал бул жаатта ыкмаларды караштырып жатат. Ошондой эле, союздаштарын да даярдап жатат. Ошондуктан, Түндүк Корея менен болгон абалдын курчушу Вашингтон үчүн оңтой берди болуп калды. Американын сабырдуулук стратегиясынын аягына чыгуусун жарыялоосу Түндүк Корея менен аскерий аракетке баруусуна ишара катары болду. Түндүк Кореянын аскерий сыноолоруна каршы Американын чагымчылык мүнөздө берген билдирүүлөрү да ушуну түшүндүрүп турат. Алар төмөнкүлөр:

А. Америка ТИМи Тиллерсондун Түндүк Кореяны өзөктүк курал менен коркутууга алуусу. «Америка ТИМи Тиллерсон Пхеньяндын акыркы ракета сыноосуна Жооп катары жана Түштүк Корея менен Жапонияны коргоо максатында Түндүк Кореяга карата «өзөктүк кармоо» куралы колдонулары менен коркутту. Тилерсон Түштүк Корея жана Жапониянын ТИМдери менен биргеликте билдирүү чыгарды. Ал билдирүүдө Америка Токио менен Сеулду «өзөктүк кармоо» куралын колдонуу аркылуу коргоого алууга чечим кылганы баса белгиленген». («Спутник Россия», 2017.02.17)

Б. Америка Жапония менен Түштүк Кореяны өзөктүк курал менен камсыздоого алуусу менен коркутушу. «Америка ТИМи Тиллерсон ошол эле күнү мурдараакта Жапония менен Түштүк Кореяда да өзөктүк курал пайда болуп калышы чындыктан алыс эмес экендигин билдирди. Министр бул аймактарда Американын өзөктүк куралдары жайгаштырылышы же Түштүк Корея менен Жапониянын өзөктүк курал даярдашы жөнүндө сөз болуп жатканы тууралуу ачыктаган жок». («Спутник Россия», 2017.03.18)

В. Трамптын Түндүк Кореяга карата Американын сокку бере турган куралдары көп экендиги тууралуу берген чагымчыл билдирүүсү. «Америка президенти Трамп Кытай мамбашы Си Цзиньпин менен бир саатка созулган

телефон аркылуу сүйлөшүүсүндө Трамп Си Цзиньпинден Американын тик учактарды алып жүрө турган кемеси эле бар болбостон, суу астындагы өзөктүк кемеси да бар экендигин Ким Чен Ынга кулак кагыш кылып коюусун талаб кылды. Дагы көтөрүңкү үн менен: «Биз Түндүк Кореянын өзөктүк куралга ээ болуусуна эч качан жол бербейбиз. Аларда өзөктүк куралдарды алып жүрө турган жабдыктар азыркы күнгө чейин жок. Бирок, алар муну пайда кылганга аракет кылып жатышат», - деп айтты». («Спутник Россия», 2017.03.14 Американын «Wall Street Journal»ынан көчүрүп басып чыккан)

Г. Пхеньян жаңы өзөктүк ракетасын сыноодон өткөргөндөн кийин жана алтынчы өзөктүк сыноосуна даярдык көрүлө баштагандыгынын кооп-коркунучу себебтүү, Америка тик учактарды алып жүрө турган кемелер коштогон ири көлөмдөгү аскерий кубатын Түндүк Кореянын жака белине алып келип койду. «АКШ Тынч океан командачылыгынын басма сөз катчысы «Американын тик учак конуучу «Карл Винсон» кемеси, Аба Флоту, эки бүлгүнгө сала турган бомбалоочу тик учак жана ракета крейсерлери Австралияга белгилүү мөөнөткө токтогондон кийин, Корея жарым аралына бет алгандыгын билдирди. Бул аскерий иш-аракет «этиятык иш чарасы» катары багытталгандыгын белгиледи. Катчы дагы кошумчалап, аймактагы кооп-коркунучтун очогу – бул Түндүк Кореянын ракеталарды сыноодон өткөрүүсү экендигин баса белгиледи». («France24», 2017.04.09). АКШнын вице-президенти Майк Пенс 2017.04.22 Сиднейде журналисттерге берген маегинде бул аскерий иш-чараны тастыктап мындай деди: «Жакынкы күндөрү, бул ай бүтө электен мурун, тик учактарды алып жүрүүчү кеме, бүлгүнгө салчу эки бомбалоочу тик учак жана ракета крейсерлери Жапония деңизине жетип барат». Майк Пенс сөзүн улап, Түндүк Кореяны ката кетирбөөгө чакырды. «Биздин кызыкчылыктарды жана союздаштарыбыздын коопсуздугун, кызыкчылыктарын коргоого мүмкүндүк бере турган, дүйнөнүн бул бурчундагы аймакта Америка ресурстары жана кызматкерлери бар» Пенс дагы кошумчалап: «Эгер Түндүк Корея кандайдыр бир сокку уруугa барса,

кыйраткыч сокку аларын» убада кылды. Пенс Түндүк Корея Азия жана Тынч океан аймагындагы тынчтыкка кооп туудуруп жаткан өлкө экендигин баса бегиледи». («France Presse AFP», 2017.04.22).

Д. Америка аскерлеринин Түштүк Кореяда ири көлөмдөгү аскерий машыгууларды өткөрүүсү. «Түштүк Корея жана Америка аскерлери биргеликте шаршемби күнү ири көлөмдөгү аскерий машыгууларды баштады. Бул аскерий машыгуу Түндүк Кореянын коркунучунан коргонуу даярдыгын текшерүү үчүн жылына өткөрүлө турган аскерий машыгуу. Бул машыгуу Түндүк Корея 12-февралда жаңы баллистикалык ракетасын сыноодон өткөргөндүн артынан эле башталды». («Reuters», 2017.04.01). Эске ала турчу нерсе, Американын Түштүк Кореяда 28500 аскерден турган ири аскерий базасы бар. Бул база, Деңиз кайгуул аскерий күчтөрүн айтпаганда, Кытай бассейни өлкөлөрүнүн жана Тынч океаны аралдарынын чейрек миллион аскерди камтыган аскерий түзүмүнүн бир бөлүгү катары саналат.

3. Мына ушундайча Трамп согуш абалы босогого келип калгандай түр жаратты. Бирок, Америка азыр согушту каалабай тургандыгына далалат кылган ишаралар бар. Алар төмөнкүлөр:

А. АКШ Түндүк Корея жаңы сыноолорду өткөрө турган болсо күчтүү Жооп кайтара тургандыгын коркутуу менен убада кылды. Түндүк Корея буга Жооп катары 2017.04.15 ири көлөмдөгү аскерий парад өткөрдү. Пхеньян телевидение аркылуу өзүнүн аскерий кубатын суу астындагы кемелер аркылуу, кээ бир континенттерге жетүүсү мүмкүн болгон баллистикалык ракеталарды атууга кудуреттүү экендигин көргөздү. Башкача айтканда, Америка континентине жетүүсү мүмкүн болгон. Түндүк Кореядагы бул аскерий кубат Америка үчүн оңтойсуз абалды жаратты. Америка олуттуу зыян тартпай турган, же согуш оту анын жерине чейин жетип барбай турган согуш планын каалап жатат. Түндүк Корея аскерий кубатын ашкере кылгандан кийин, Американын коркутуп кыйкырып жатканы ишеним жаратпай калды. Пхеньян телевидение аркылуу өзүнүн аскерий кубатын

жана суу астындагы кемеси аркылуу баллистикалык ракетеларды атууга кудуреттүү экендигин көргөзүү менен чектелип калбастан, 2017.04.16 континенттерге учуп жетүүсү мүмкүн деген ракетасын сыноодон өткөрдү. Ал ийгиликсиз болсо дагы, Америкага атаандаштыгын билдирди. Ошондуктан, Американын коркутуп опузага алып жатканы азыр аткарыла турган реалдуулук эмес экендиги ачык-айкын болду. Башкача айтканда, Америка азыр согушка киришүүгө даяр эмес.

Б. Америка азыркыга чейин өзөктүк калканы түзүмүн «THAAD»ды Түштүк Корега жайгаштыра элек. Болгону аны жайгаштыруу тууралуу даярдыктар, келишимдер жүрүп жатат ал даярдык бир жылга жакын убакытты талап кылат. Американын Чыгыш Азия жана Тынч океаны иштери боюнча мамкатчынын жардамчысы Сьюзан Торнтон: «АКШнын өзөктүк коргонуу калканы «THAAD»ды Түштүк Кореяга жайгаштыруу пландын негизинде ишке ашат» деп билдирди... Маалым болгондой, Американын ракеталык коргонуу түзүмүн Түштүк Кореяга жайгаштыруу ушул жылдын июнь же июль айларына туура келет. Бирок Түштүк Корея менен Америка Түндүк Корея ракеталык сыноосун өткөргөндүн артынан эле бул коргонуу ракетасын жайгаштырууну тездетүүгө токтом кылышты. АКШнын «THAAD» ракеталык түзүмүн Түштүк Кореяга жайгаштыруу тууралуу келишим Вашингтон менен Сеулдун ортосунда 2016 июлда эле жетишилген... АКШнын «THAAD» ракеталык түзүмү Корея жарым аралына жайгаштырылышы Орусия менен Кытайды тынчсызданууга салды. Жапония болсо бул ракетаны жайгаштыруу аймакта коопсуздукту кепилдей тургандыгын билдирди... («Спутник Россия», 2017.04.17).

В. Америка-Кытай мамилесин жакшырта турган, Америка менен Кытайдын ортосунда жетишилген ири көлөмдөгү соода келишими аткарылышынан мурда жүз күн аралыгында, Америка Түндүк Кореяга карата аскерий сокку бериши акыйкаттан алыс. Трамп шайлоо кампаниясы учурунда Кытай товарларына карата 45% салык салуу убадасына тескери иш

тутуп, Америка соода жаатында Кытайга карата жумшагыраак мамиле кылууну каалап жатат. Башкача айтканда, Кытайды азгыруу аркылуу Пхеньянга катуу кысым өткөрүүгө тукуруу. Американын Кытайга карата бул кадамы Кытайдын Түндүк Кореяны жардамсыз таштап койгонун актоочу шылтоо болуп калат. Ошондой эле, Түндүк Кореяны Америка жана анын союздаштарынын каршысында жалгыз калуусун да Америка каалап жатат. Бул нерсе Америка үчүн эки максадды жүзөгө чыгарат:

Биринчиси: Эгер Америка бул нерседе ийгиликке жетишсе, Кытайды союздаштарынан оолакташтыруу аркылуу статусун түшүрөт. Кытайдын статусун түшүрүү алкагында Америка 2017.04.07 Трамп менен Кытай мамбашы Си Цзиньпин жолугушуусунда Сирияга ракеталык чабуул кылды. Муну кээ бир эксперттер Кытайга карата кемсинтүү кадамы катары баалашты. 2017.04.08 Америка армия штаб башчысынын экс орун басары, отставкадагы генерал Джек Кин «Fox News» сайтына Трамптын кылган иш-аракетине комментарий берип жатып мындай деди: «Ал айтканын кылды. Муну менен ал Кытайга кат жолдоду... ». Тактап айтканда, муну менен Америка Түндүк Кореяга карата согуш кылуу жөнүндө өз ниетин, ошондой эле, Кытайдын Түндүк Кореяга катуу кысым кылуусун жана аны жардамсыз таштап коюу талабын Кытайга жолдоду. Эгер Кытай мындай кылса, анда Америка менен соода келишимин түзүү ийгиликтүү жана жеңил болот.

Экинчи: Америка Кытайды Түндүк Кореяга каршы азуусун көргөзүүгө тукурган жана эки өлкө Түндүк Корея коркунучуна каршы бир ымалага келгендигин чагылдырган билдирүүлөрдү берүү аркылуу, Америка-Орусия ортосунда да тез арада бир ымалага келүү абалын жаратууну каалап жатат. Америка Корея маселесин Кытай менен Орусияны жарышка сала турган ыкма катары колдонуп жатат! Бул билдирүүлөр көңүл бурарлык деңгээлде болду. Америка вице-президенти Майк Пенс Австралиянын өкмөт башчысы Малкольм Тернбулл менен бирге берген пресс-конференциясында мындай деди: «Кытайдын азыркыга чейин кылып жаткан кадамдары бизди

кубандырат». «Өткөн жумада Түндүк Кореянын массалык маалымат каражаттары АКШнын алдын ала сокку менен эскертүүсүнөн кийин, Трамп Кытайдын Түндүк Корея коркунучун ооздуктоого болгон аркетин мактоого алды...» («Хаят» гезити, Сидней «Reuters», 2017.04.22).

Г. Америка Түндүк Кореяга каршы күчтүү аскерий блоктон туруп сокку берүүнү каалап жатат. Ал күчтүү блок Пхеньянга каршы Орусия аскерий жактан Америка тарабында болуусу менен болот. Жада калса, Орусияны Сириядагыдай кылып найзанын учу катары пайдаланат. Анткени, Түндүк Корея Орусияны да Америка сыяктуу деп карап, көп учурда чалгып калат. Америка Киссинжердин мурунку жана жаңы планы негизинде, Обама учурунда Орусияга санкцияларды киргизиши жана Трамп мезгилинде Орусияны тукурушу планын аягына чыгарууда Америка кечикти. Негизги маселе, тактап айтканда, Тиллерсондун 2017.04.11 Москвага иш сапары менен келишинде Түндүк Корея негизги маселе катары койулду. Муну тастыктаган нерсе 2017.04.16 «Россия сегодня» гезити «Коммерсант Россия» гезитинен көчүрүп басып чыккан кабарда: «АКШ Москва менен сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында Түндүк Корея маселеси жаатында ийгиликке жетишүүсү мүмкүн. Тиллерсондун Москвага келишиндеги негизги маселе Түндүк Корея болду», - делет. Америка-Орусия келишиминен мурун Америка согушка кирсе, анда Америка көп чыгымга дуушар болот. Ошондой эле, Америка Түндүк Корея менен өзөктүк согуш башталып кетиши сыяктуу абалды жаратуу аркылуу Кытайды коркууга салып, аны Түндүк Кореяга каршы тукуруп, ага каршы коюуну да каалап жатат.

4. Ушулардын негизинде, Америка азыркы учурда Түндүк Корея менен согушка кирүүгө даяр эмес. Анда ылайыктуурак башка чечим да жок. Ал Кытайдын Түндүк Кореяга кысым өткөрүүсүн күтүп жатат жана аны тездетүүгө аракет кылууда. Америка Түндүк Корея маселесин өзү жалгыз чечүүсү жөнүндө билдирүүлөрдү байма-бай берүүдө. Башкача айтканда, Кытайсыз. Муну менен Америка Кытай Американын талабдарына Жооп

берип, Түндүк Кореянын өзөктүк куралын зыянсыздандыруу үчүн ага кысым өткөрүүсү керектигин билдирген түр жаратты. Ошондой эле, Америка Түндүк Корея маселесин чечүүдө Орусияны да ага жармаштырып, аны менен мунаса болуусун күтүп жатат. Ушул шарттар толук ишке ашмайынча, Америка согушка кирбейт. Ушул негизде, Түндүк Корея өзөктүк ракетасын сыноодон баш тартпаганына жана согуш Америка аймагына чейин кирип баруусу менен коркутуп жатканына карабастан, Америка Түндүк Кореяга карата опузасын басаңдатты. Америка коркутуусунун мизи майтарылгандыгына далил анын акыркы билдирүүлөрүндө келди: «Ассошейтд Пресс» маалымат агенттиги Америка аскерий булагынын маалыматын таратты. Ал булак: «Түндүк Корея акыркы өзөктүк ракетасын сыноодон өткөргөндүгүнө карабастан, азыркы учурда Вашингтондун Түндүк Кореяга карата согушка кирүү ниети жоктугун» чагылдырган. Булак дагы кошумчалап: «Пхеньян Түштүк Кореяга, же Жапонияга, же Америкага чабуул жасаган учурда гана Вашингтон согушка кирери жана Америка жетекчилиги учурда абалды курчутпоого бир добуштан кызыкдар экендиги» жөнүндө чагылдырган... » («Россия сегодня», 2017.04.15). Америка өзү ойлонбостон пайда кылган чыңалууну жазууга аракет кыла баштады. Чыгыш Азия жана Тынч океаны иштери боюнча Америка ТИМнин жардамчысы Сьюзан Торнтон: «Америка Түндүк Корея менен согушууга же анын режимин өзгөртүүгө аракет кылбагандыгын» билдирди. Сьюзан Торнтон пресс-конференцияда мындай деди: «АКШ Түндүк Корея менен болгон талаш-тартышты, Түндүк Кореянын өзөктүк куралын тынч зыянсыздандыруу жолу менен чечүү керектигин ачыктан ачык билдирип келет. Биз согушка кирүүгө же режимди өзгөртүүгө кызыкдар эмеспиз». («Россия сегодня», 2017.04.17). Вице-президент Майк Пенс «Америка-Пекин жаңы кызматташтыгынын артыкчылыгы негизинде, Түндүк Корея жакынкы аралыкта өзөктүк ракетасын сыноодон өткөргөндүгүнө карабастан, Корея жарым аралында өзөктүк куралын тынч жол менен куралсыздандыруу

мүмкүн» экендигин билдирди. Пенс дагы кошумчалап: «Эгер Кытай жана аймактагы союздаштар Түндүк Кореяга карата кысым кыла алышса, Корея жарым аралын өзөктүк куралдан тынч жол менен куралсыздандырууга тарыхый жол ачууга мүмкүндүк жаралат... » деди. («Хаят» гезити, Сидней «Reuters» 2017.04.22).

5. Корея жарым аралындагы Американын ойлонбостон пайда кылган чыңалуусундагы позициясынын акыйкаты мына ушундай. Бул позиция бул жылдын генералдык сызыгы. Бирок ушундай болгонуна карабастан, кайсы учурда болбосун, абал кайрадан курчуп кетиши толук ыхтымал. Америка, айрыкча күтүлүп жаткан Америка-Орусия келишимине жетишсе, согуш отун тутандырып жибериши да мүмкүн. Эгер келишимге жетишилсе, абалды кайрадан курчутуу башталат. Эгер келишимге жетишүү кечиксе, же такыр эле болбой калса, анда Корея жарым аралындагы абал Пхеньянды өзөктүк куралдан баш тартуусу үчүн ага карата кысым өткөрүлүүсү менен гана чектелет. Эгер Америка администрациясы Пхеньян менен болгон алакасында ойлонбостон кадам таштаса, анда анын акыбети өтө жаман болот. Бул негизги стратегияны ишке ашырууга азыркы Америка администрациясынын тажрыйбасы жетишсиз. АКШнын мурдагы коргоо министри Леон Панетта АКШнын Түндүк Кореяга карата алдын ала сокку уруусунун акыбетинен эскертип, буга ишара кылды: «Бул жаатта кандай гана кадам болбосун, миллиондордун өмүрүн алган өзөктүк согуш тутанып кетет. Мына ушул нерсе мурунку Америка жетекчилерин Түндүк Кореяга сокку уруудан тосуп келген эле». Ал дагы кошумчалап, Америка администрациясын билдирүүлөрдү берүүдө этият болууга жана абалды курчутуудан сак болууга о.э. эч кандай шашылыш чечим кабыл албоого чакырды. Дагы бул маселени тынчтык менен чечүүгө Кытайга мүмкүндүк берүү үчүн күтүү зарылдыгына жана Вашингтон акыркы учурда Кытайдын Пхеньянга кийгилигишүүсүнө мүмкүндүк берип жаткандыгына токтолду. («Россия сегодня», 2017.04.15).

6. Ал эми Кытайдын позициясы болсо, ал Америка абалды курчутуп жатканы согуш чыгаруудан башка нерсе эмес экендигин айкын түшүндү. Ошондуктан, ал согуш отун тутантпаганга бүт аракетин жумшап жатат. Тынч жол менен куралсыздандырууга чакырып, аскерий жол менен чечүүнү четке кагып жатат. Корея жарым аралын аскерлештирүүнү ачыктан-ачык четке какты. Ошондуктан, Американын өзөктүк коргонуу калканы «THAAD» системасын Түштүк Кореяга жайгаштырылышына каршы чыкты. «Кытайдын ТИМи Пекиндин «THAAD» системасы Түштүк Кореяга жайгаштырылышына каршы экендигин билдирди о.э. Түндүк Кореяны жана ага коңшу мамлекеттерди козута турган кадамдарга барбоого чакырды». («Ал-жазиира нет», 2017.04.17). Бирок, ошол эле маалда, абал начарлап кетип башка согуш тутанып кетиши ыхтымалдыгына да даярдык көрүп жатат. Кытайдын ТИМи Ванг Йи ал согуш тууралуу мындай деди: «Эгер согуш тутанып кетсе, ал согушта жеңүүчү болбойт». («Би Би Си», 2017.04.15). Ал эми Кытайдын даярдыгы тууралуу 2017.04.14 «Россия сегодня» кабар агенттиги Американын «United Press International» кабар агенттигендеги маалыматты басып чыкты: «Кытайдын куралдуу күчтөрү беш аскерий аймакта башкы командачыдан сергек жана даяр турууга түздөн-түз буйрук алгандыгын» баяндаган. Бул кабар агенттиги Гонконгдогу адам укуктары жана демократия борбору бейөкмөттүк уюумунун маалыматына таянып, Chandon, Thitszaan, Юньнань аскерий аймагындагы артиллериялык батальондор Түндүк Корея менен чектеш аймактарды көздөй жылууга буйрук алгандыгын баяндаган. Бул уюмдун маалыматына ылайык, өлкөнүн батышындагы 47-аскер бөлүгүндөгү 25 миң аскердин аскерий техникалары менен алыскы аралыктагы Түндүк Корея чек арасына жакын жердеги согуштук базага бааруларына буйрук кылынган. Жапония кабар агенттиги билдиришинче, Кытай куралдуу күчтөрүнүн Түндүк Корея менен чектеш аймактарды көздөй жылышынын негизги себеби, Вашингтон Сириядагы Шайрат аскерий базасына ракета менен сокку ургандай, Пхеньянга да алдын

ала урулуучу ракета соккусунан чочугандыгы үчүн аскерин даярдыкка келтирип жаткандыгын жазып чыкты.

Бул маселеге карата жогорудагы аналитиканын негизиндеги биздеги басымдуу көз карашыбыз мына ушул. Балким, мындан да жаманы, бүгүнкү күндө дүйнөнү адам кейпиндеги жырткычтык башкарып турганда, адамдардын каны төгүлүүсү алар үчүн түккө турбайт. Эгер кызыкчылыктарына жетиш үчүн адамдардын каны төгүлүүсү талап кылынса, анда өзөктүк курал менен болобу же өзөктүк эмес курал менен болобу, айырмасыз, бүгүнкү күндөрү кылып жатышкандай, адамдардын канын дарыя кылып төгүшөт... Дүйнө капитализм түзүмү өкүм сүрүп турганда тынчтыкта доор сүрө албайт. Бир гана бул түзүмдү түп-тамыры менен алып салып, анын ордуна адилеттүүлүк жана акыйкаттык түзүмү болгон, ааламдардын Роббисинин түзүмү болгон Халифалык орногондо гана дүйнө бейкуттукка бөлөнө алат. Ушул түзүм гана ааламга бакубат жашоо тартуулай алат. Жаратуучу жараткан нерселерине эмне жакшы, эмне жаман экендигин абдан жакшы билет. ***«Билип койгула, жаратуучу Ал мээримдүү жана кабардар Зат»*** [67:14]

**23-апрель, 2017-м.**

**АКШ жана Түндүк Корея лидерлеринин саммити**

**Суроо:** *2018-жылдын 12-июнунда Сингапурда өткөн саммитте Америка менен Түндүк Корея лидерлери жолугушту. Ал саммиттин алкагында эки тараптуу документке кол коюлду. Бул ымалага келишүү тез арада ишке ашты. Маалым болгондой, өткөн жылы бул эки өлкө ортосундагы алакаларда чыңалуу жүз берген эле. Алар бири-бирин өзөктүк курал менен коркутууга алышкан. Ушундай абалда болуп туруп, булар кандай тез арада ымалага келишишти? Мунун мааниси жана натыйжасы кандай?*

**Жооп:** Мунун акыйкатын ачыктап берүүдөн мурун төмөнкүлөргө токтолуп өтүү зарыл:

1 – Мунун акыйкатын ачыктап берүүдөн мурун төмөнкүлөргө токтолуп өтүү зарыл. Америка Түндүк Кореяны өзөктүк куралынан баш тартышы үчүн кайра-кайра коркутту. Бирок, бул коркутуулар натыйжа бербеди. Түндүк Корея Американын бул басымына моюн сунбады. Ал өзөктүк курал долбоорунан да баш тартпады... Ушул учурда Америка башка ыкма колдонууга баш урду. Ал ыкма дипломатиялык саясий экономикалык кысымдар болду. Бул ыкмаларды ишке ашырууда АКШ Кытай аркылуу зор күчүн жумшады. Бул тууралуу 2017.04.23 чыккан суроо-жоопто айтып өткөнбүз. Анда мындай деп келген: «Ошондуктан Америка азыркы учурда Түндүк Корея менен согушка кирүүгө даяр эмес. Анын алдында ылайыктуу чечим да жок. Ал Кытайдын кысым кылышын күтүп жатат. Аны эртелетишке да ынтызар. Кытай Пхеньян өзөктүк курал долбоорунан баш тартышы үчүн ага карата кысым өткөрүшү үчүн Америка Кытайды өзүнүн сөзүн угууга мажбурлап жатат...». Америка мамлекет катчысынын Чыгыш Азия жана Тынч океаны иштери боюнча жардамчысы Сьюзан Торнтон мындай деди: «Америка Корея жарым аралындагы бул мүшкүлдү тынч жол менен өзөктүк куралсыздандыруу аркылуу чечүүнү каалайт». (Россия сегодня, 2017.04.17). Эки тарап ортосуна Кытай ортомчулугу жана кысымы менен дипломатиялык байланышуулар башталды. Америка Түндүк Корея өзөктүк курал долбоорунан баш тартышы үчүн ага карата аны эл аралык коомчулуктан обочолонтуп салуу, ага карата эл аралык каршы пикир пайда кылуу жана экономикалык саясий кысымдарга алууну ишке салды. Буга кошумча эл аралык коомчулук Түндүк Кореяга карата ачык болушу жана аны Түштүк Корея аркылуу түзмө-түз экономикалык жактан колдоого алып, гүлдөй турган экономика убадасы менен да азгырды.

2 – Кийин Кытай аркылуу жашыруун түрдөгү дипломатиялык байланыштар ишке салынды. Американын мурунку ТИМи Тилерсон Кытай аркылуу түндүк кореялыктар менен 2017-жылдын июлунда сүйлөшүүлөрдү алып барды. Тиллерсон түндүк кореялыктар менен Кытай аркылуу

жашыруун сүйлөшүүлөрдү алып барып жаткан учурда Трамп Түндүк Кореяны жер бетинен жок кылып жиберем деген абсурд билдирүүсүн берди. Түндүк кореялыктар Трамптын бул билдирүүсүн угушкандан кийин сүйлөшүүлөрдү таштап Кытайдан Кореяга кайтып кетишти... Ошондон кийин Тиллерсон ачууланып 20-июлда Трампты акмакка теңеген билдирүүсүн берди. 4-октябрда Американын NBC каналы да үч америкалык жооптуунун бул тууралуу айткандарын билдирди. Трамп өзүнүн твиттеринде Тиллерсондун бул билдирүүсүнө карата Американын түндүк кореялыктар менен түзмө-түз байланыша ала турган жолу бардыгын билдирип мындай деди: «Мен Рекс Тиллерсонго кичинекей ракетасы бар адам менен сүйлөшүү өткөрүүгө аракет кылып убактыңды бекерге кетирип жатасың дедим...». Ушундай эле окуя Американын вице-президенти Майк Пенс кышкы олимпиада оюндарына катышуу шылтоосу менен Түштүк Кореяга келип түндүк кореялыктар менен жолугушуу өткөрүү аракетин кылып жатканда дагы кайталанды. Майк Пенс буга ишаара катары Жапониянын Йокота аймагындагы Америка базасындагы куралдуу күчтөрдүн алдында туруп сүйлөгөн сөзүндө айтып өттү: «Биздин мамлекет дайыма тынчтыкка умтулат. Биз жаркын келечек үчүн мурдагыдан да көбүрөөк иш алып барабыз». (Reuters, 2018.02.07). Майк бул сөзүн – Түндүк Кореяга 80 км жакын жайгашкан Пхенчжан аймагындагы кышкы олимпияда оюндарынын ачылыш аземине катышуу шылтоосу менен түндүк кореялыктар менен жолугушуунун алдында айтты. Бирок, Пенс үч күндөн кийин 10-февралда мындай деди: «Түндүк Корея өзүнүн өзөктүк долбоорунан баш тартканга чейин экономикалык жана дипломатиялык жактан обочолонтуп туруу зарыл иштерден...». (Аль арабия, 2018.02.10). Ушул нерсе түндүк кореялыктардын Пенс менен жолугушуусун жокко чыгарууга түрттү. Мунун баары Американын саясий услубу, башкача айтканда Трамп ишке салып жаткан ыкмалар өзүнүн каршылаш тарабына сүйлөшүүлөр, дипломатиялык алакалар арасында басым өткөрүп Америка каалап жаткан нерсеге макул кылууга

каратылгандыгына далалат кылат. Бул нерсени Майк Помпеонун борбордук чалгын кызматына кызматка келген учурда айткан билдирүүсү да тастыктап турат: «Трамп Түндүк Корея менен болгон кризисти дипломатиялык жол менен чечүүгө багыттап жатат. Бирок, борбордук чалгын кызматы башка жолдорду караштыруу үстүндө иштеп жатат». (Reuters, 2018.01.23). Мына ушундайча дипломатиялык жол менен опузалоо жолун бириктирип иш алып барууга бел байлашты. Бул ыкма башкача айтканда дипломатиялык сүйлөшүүлөр арасында опузага алуу Тиллерсонго жаккан жок. Ага ТИМ катары бул нерсе оорчулук жаратты. Трамп аны жумуштан алды.

3 – Мына ушундайча Түндүк Корея менен болгон мындай ыкма натыйжа бербеди. Алар опузаны сезе баштаганда эле сүйлөшүүлөрдү токтотуп коюп жатышты. Эгер, Кытай киришпегенде эки өлкө башчысы жолуккан саммит болмок эмес. Ошондуктан, Трамп Сингапурда Ким Чен Ын менен жолугушкандан кийинки пресс-конференцияда Кытай лидерине карата ыраазылыгын билдирди: «Кытай лидери Си Цзиньпин бул тарыхый саммиттин ишке ашуусуна акыркы айларда өзгөчө күч аракет жумшагандыгына ыраазылык билдирем». (AFP, 2018.6.12). Кытай Түндүк Корея чегинүүлөргө барышы үчүн кысым кылды. Кытайдын расмий кабар агенттиги «Синьхуа» 28-мартта мындай кабар таратты: «Түндүк Корея лидери Ким Чен Ын расмий эмес иш сапары менен 3 күн Кытайда болгонун билдирди. Эки тарап Корея жарым аралындагы абал тууралуу жалпы түрдө талкуулашты. Си Цзиньпин Ким Чен Ынга Түндүк Корея жарым аралында тынчтык туруктуулук орношу үчүн Түндүк Корея өзөктүк куралсызданышы зарылдыгын билдирди. Ошондой эле маселени сүйлөшүүлөр аркылуу чечилүүсү зарылдыгын да белгилеп өттү...». Түндүк Корея кабар агенттиги: «Корея лидери Ким Чен Ын Кытайга болгон сапарында Си Цзиньпиндин кайрадан мамлекет башчы болуп шайланышы менен жекече куттуктап, эки өлкө ортосундагы достук салттар шайкеш экендигин белгиледи. Анын Кытайга болгон бул биринчи иш сапары Корея жарым аралында тынчтык

жана туруктуулукту камсыз кылууга багытталаарынан үмүтү зор экендигин билдирди. Ошондой эле Америка жана Түштүк Корея лидерлери менен да жолугушууга даяр экендигин белгилеп өттү...». Дагы кошумчалап: «Кореяны өзөктүк куралсыздандыруу мүмкүн. Эгер Вашингтон менен Сеул тынчтыкты ишке ашыра турган макуладашуулардын өтөөсүнө чыгышса»,- деди. Ошондуктан Трапм 28-мартта өзүнүн твиттердеги барагына бул зыяратка карата мындай деди: «Мен кечээ Кытай лидери Си Цзиньпинден Ким Чен Ын менен жолугушуусу жакшы негизде болгондугу жана Ким Чен Ын мени менен жолугушууга өтө ынтызар экендигин билдирген катын алдым». Кытай өз кызыкчылыгы үчүн Түндүк Кореяны Америкага курбандык чалды. Ал бул жолдо Түндүк Кореяга карата катуу кысымдарды кылды. Ал тургай, Ким Чен Ынды чегинүүлөргө мажбур кылып текебер Трамп менен жолугушууга даяр кылды. Кытай иш жүзүндө Түндүк Кореяга каршы санкцияларды киргизүү жана саясий дипломатиялык кысымдарды өткөрүүгө түзмө-түз катышты. Ушул нерсе Түндүк Кореянын өзүнүн өзөктүк курал долбоору жаатында чегинүүлөргө баруусуна түртө турган фактор болду. Түндүк Корея эгер Кытай аны колдобой ага карата кысым кылып камалоого ала баштаса ачуу даам татып калаарынан кооптонду. Ошондуктан ал чегинүүлөргө барды. Кытайдын ТИМи Түндүк Корея маселесинде Кытай кандай роль жаратып бергендиги тууралуу ачыктап мындай деди: «Пекин Корея жарым аралында маанилүү роль жаратты». (Рейтер, AFP, 2018.05.23). Кытай өзүнүн Америка менен болгон соода кызыкчылыгы үчүн пайда алып келбеген союздашын садага чапты. Балким анын себебинен соода жаатында зыян тартып калышы да мүмкүн эле. Кытай Түндүк Корея коммунисттик союздашы болушуна да карабады. Ири коммунисттик мамлекет соода пайдасы жаатында өзүнүн коммунисттик шериктеши болгон мамлекетти коргоого эмес, садага чапканга барды! Кытай, Америка Түндүк Кореяны өзөктүк куралсыздандырышы - Кытайды муунтууга жана Кытай деңизинин түштүк-чыгышындагы аймактарга көзөмөл кылуусун тосуп коюуга каратылганын аңдабагандай!

4 – Бул нерсени тастыктап турган нерсе Кытай өзүнүн союздашы болгон Түндүк Кореянын Америкага карата чегинүүлөргө барып саммитке катышкандыгын кубаттап жаткандыгында көрүнүп турат. Кытайдын ири дипломаты жана Кытай мамлекеттик кеңешчилеринин мүчөсү Ван Пе самиттен кийин мындай деди: «Пекин Америка президенти Трамп менен Түндүк Корея лидери Ким Чен Ындын саммитте жолугушкандыгын кубаттайт жана өзөктүк куралсыздандыруу жаатында эки өлкө ортосунда өз ара түшүнүшүүлөр пайда болушуна үмүт артат. Ушул эле учурда, Корея жарым аралындагы кооптуу абалды жайгарыш үчүн тынчтык механизмдерине муктаждык аябай чоң». (Reuters, 2018.06.12). Эгер, Кытайда жетиштүү саясий аң сезим жана күчтүү саясий каалоо болгондо өзүнүн союздашы болгон Түндүк Кореяга карата Америка кызыкчылыгы үчүн кысым өткөрмөк эмес! Бирок, Кытай эл аралык саясий майданда саясий аң сезиминин жана саясий каалоосунун алсыз экендигин айгинелеп койду. Болгону ал Америка менен болгон соода жаатындагы пайдага гана ынтызар болуп Америка кызыкчылыгы үчүн Түндүк Кореяга кысым кылды. Кытай ыраакты көрө билбеди. Америка Түндүк Кореяны өзүнө имерип алып Кытайга караганда Түндүк Кореяны жакын тутуп алышы да чындыктан алыс эмес. Америка эки Кореяны бириктирип Кытай таасиринен тышкары өзүнчө күчтү пайда кылып коюуга аракет кылат. Буга Вьетнамдагы окуя мисал боло алат. АКШ 1975-жылы Париж конвенциясынын негизинде Түндүк-Түштүк Вьетнамды бириктиргенден кийин Вьетнам Кытайга карата душмандык мамиледе болуп калды!

5 – Түндүк Корея өзөктүк куралсыздануу жаатында эч бир шарт кабыл албастан өзүнүнүн өзөктүк курал долбоорунан баш тартып саммитке катышуусуна Кытай чоң роль ойноду. Америка дүйнөдө өзөктүк куралды колдонгон жана аны жер жүзүнө таратып бузукулук кылган жападан жалгыз мамлекет. Кытай болсо Түндүк Кореяга таасир бере турган роль жаратты! Анын артынан саммит болду. Саммит эки күнгө созулат деп болжолдонгон.

Бирок, ал бир күн болуп кыскарды. Анткени, Түндүк Корея тез арада толук түрдө Америка каалаган нерсеге макулдук берди. Түндүк Корея өзөктүк куралсызданууга даярдыгын билдирүү максатында өзүнүн өзөктүк курал тажрыйба кылган аймактарын толугу менен иштен чыгарууга киришти. Ошондой эле камактагы үч америкалыкты чыгарды. Трамп өзү ишке ашырган ишке кубанычын жашыра албай мындай деди: «Саммит аябай жакшы өттү. Алга карай жылуу өтө жогору деңгээлде болду». Ким Чен Ын муну тарыхый кадам катары баалап мындай деди: «Дүйнө өтө чоң өзгөрүүгө күбө болот». (Рейтер, 12.16.2018). Кийин эки тараптуу документке кол коюшту. Ал төрт пунктту өз ичине алды: биринчи, эки тарап тең элдин каалоосуна жараша жакшы алаканы орнотуу. Экинчиси, Корея жарым аралында тынчтык жана туруктуулук дайымый болушу негизинде эки тарап тең иш алып баруусу зарыл. Үчүнчүсү, Түндүк Корея жарым аралда толук түрдө өзөктүк куралсыздандыруу иштерин алып барат. Төртүнчү, 1950-1953-жылдардагы Корея согушундагы кабарсыз жоголгон же ал жерде каза болгон жана туткунда калган америкалык аскерлердин кат кабарын билдирүү кайтаруу жаатындагы убадага байланыштуу болду. Трамп бул келишимди «Баарын камтыган эң зарыл» келишим болду деп сыпаттады. Ким болсо өз баяндамасында «Корея жарым аралында өзөктүк куралды толук түрдө жок кылууга убада берди». (Би-би-си, 2018.06.12). Бул баяндама келишим рамканын ичиндеги келишим экендигин көргөзүп турат. Башкача айтканда, Иран өзөктүк келишиминен айырмаланып, өзөктүк куралсыздануу кандай болушу жана аны жок кылуу мөөнөтү аны жок кылып жаткандыгына көзөмөлдүн болуусу сыяктуу тез аранын ичинде аткарыла турган иштер көргөзүлбөгөн келишим болду. Иран келишиминде ушунун баары майда баратына чейин көргөзүлгөн эле.

6 – Ушуга негизделип Америка Түндүк Корея менен узакка созулган же мүмкүн жылдап созула турган сүйлөшүү талкууларды өткөрөт. Көрүнүп тургандай, Трамп Түндүк Корея менен тез арада келишимге жетүүнү жана

Корея маселесин бир жаңсыл кылууну каалады. Ошондуктан, ал опузага алуу иштерин кылды. Ал бул иштерден артка да кайта албайт эле. Бир гана ийгилике жетүү менен артка кайта турган позицияда болду. Маалым болгондой, ал Түндүк Кореянын чегинүүлөргө баруусу жаатында ийгиликке жетишти. Биз жогоруда айтып өткөнүбүздөй, Кытайдын Түндүк Кореяга карата басымы болбогондо Трамптын опузага алуусу натыйжа бермек эмес. Ал тургай, Түндүк Корея өзөктүк долбоорунан баш тартып келишимге кол койгон саммит да иш жүзүнө ашмак эмес. Ушундан кийин гана Трамп бул ишти тарыхый жеңиш катары жаздырды. Бул иш эки жылдан кийин боло турган экинчи жолку президенттик шайлоодо көптөгөн жеңилдиктерди берет. Ошондой эле азыркы күнгө чейин токтобой ага карата болгон аңкоо, келесоо деген сыяктуу каралоолорду да жаап кете турган иш болот. Бул нерсени Трамптын өзү берген билдирүүсү да тастыктап турат: «Ким мага өз өлкөсү иш жүзүндө ракета сынай турган комплексти иштен чыгаруу иштерин алып барып жаткандыгын билдирди. Өзөктүк куралсыздандыруу иштеринин маанилүү бөлүгүн ишке ашыргандан кийин санкцияларды алып салабыз. Биз сүйлөшүүлөрдө эч кандай чегинүүлөргө барган жокпуз. Түндүк Кореяга багытталган аскерий аркеттерибизди токтотобуз. Ылайыктуу убакта Кимди Ак үйгө чакырам. Аны менен өзөктүк куралсыздандыруу келишимине кол койдум жана Түндүк Кореяны өзөктүк куралсыздандыруу үчүн бизде жетиштүү негиздер бар экендигине да ишенем», - деди. (Аль жазиира, 2018.06.12). Мына ушундайча Трамп Түндүк Корея менен болгон чыңалуу алакасын ири жеңиш менен аяктагандыгында өзүн көргөзүүнү каалады.

7 – Түндүк Корея менен болгон чыңалуу алакасы бүтүшү же тынчтанышы Трамптын союздаштары жана душмандары менен болгон соода согушуна карата биротоло бошоп, алар менен алектенүүсүнө шарт жаратат! Ал өз союздаштары менен болгон алакасы алардын болот жана алюминийди Америкага экспорт кылышында жогору бажы салыгын жарыялагандан баштап начарлап кеткен. Алар менен болгон мурунку соода келишимине

ылайык бул нерсе Америкага карата адилетсиздикти келтирип чыгарды деген жүйөнү бетине кармады. 8-июнда Трамп твиттерге Канаданын Квебек аймагында өтө турган чоң жетиликтин саммитине бара тургандыгын жазды: «Мен чоң жетилик менен боло турган адилеттүү соода келишимин чыдамсыздык менен күтүп жатам. Эгер, мындай болбосо биз өзүбүзгө ыңгайлуу шартка жараша кылабыз». Канаданын өкмөт башчысы Жастин Трюдо жана Франциянын президенти Макрон биргелешкен басма-сөз жыйынында бул жол-жоболорду четке кагышты. Алар мындай дешти: «Америка менен биргелешкен билдирүү чыгарууга жана андагы нерселерди кабыл алууга биз даяр эмеспиз». (Франс пресс, 2018.06.06). Трамп Канада менен Францияны Америка товарларына карата олчойгон бажы салыгын киргизип койгондугу менен айыптады. Канаданын өкмөт башчысы Жастин Трюдону «абдан ачуулуу» деп сыпаттады. Канада жооптуусу 7-июнда журналисттерге берген билдирүүсүндө мындай деди: «Бул жерде көп маселелерге байланыштуу көптөгөн пикир келишпестиктер бар». (Рейтер, 2018.06.08). Ал тургай, айлакерликти ийине келтире аткарган Француз президенти Макрон да Америкага жакындашууга аракет кылып жатканына карабастан өз демин баса алган жок. Ал мындай деди: «Чоң жетиликтеги башка алтоо эгер абал талап кылса башка өз жамаатын түзүүсү мүмкүн». Ал Трампты айыптап мындай деди: «Түбөлүк кала турган президент жок». (Рейтер, 2018.06.08). Британиянын айлакерлиги да жүзөгө чыкты. Ал Америка астында анын бир буту калышы үчүн Америкага карата болгон бул каралоолорду кабыл албастыгын билдирип, башкаларды ага карата үндөдү. Британия өкмөт башчысы Терезе Мей журналисттерге берген билдирүүсүндө: «Евро Биримдик Американын бажы салыгына карата болгон айыптоолорунда ачуусун ичине кармашы зарыл. Америкага карата айыптоолор мыйзам алкагында болушу керек», - деди. (Рейтер, 2018.06.08). Германия канцлери 10-июнда Трамптын кол койгондугун жокко чыгарган токтомуна карата Германия телеканалы RDге берген маегинде: «Бул

катаалдык, бул жолкусунда үмүттөр акталбады, бирок бул дүйнөнүн акыры эмес», - деди. Германиянын ТИМи Хайку Мас твиттерде Трамптын твитердеги билдирүүсүнө карата жооп катары: «Эң чоң ишенимди жокко чыгарды», - деди. Канадада өткөн чоң жетиликтин саммитинде Трампка карата айыптоолор жана чыңалуу туу чокуга жетип барды. Трамп саммитте биргелешкен билдирүүгө кол коюп, кийин аны жокко чыгарып салды жана саммитти жетектеп жаткан Канаданын өкмөт башчысын «таза эмес, алсыз» деп сыпаттады. (AFP, 2018.06.10). Трамп саммит бүтө электе эле кетип калды, ал ага кечигип да келген эле. Мына ушундайча бул союздаштар арасында соода согушу күч алып турган мезгили. Трамп 2-мартта твиттерге жазган билдирүүсүндө: «Өлкө өзү менен соода алакасын кылып жаткан мамлекеттер каршысында миллиардаган доллар зыян көрүп жатканда соода согушу жакшы жана анда утуп чыгуу жеңил», - деди. Ушулардын баары соода согушу Америка үчүн зарыл экендигине далаалат кылып жатат. Америка карызы 20 триллионго жеткен. 2008-жылкы финансы кризисинен бери убайым тартып келүүдө. Бизнесмен Трамп «Америка биринчи» деген урааны менен Америка экономикасын көтөрүүгө белсенип жатат. Америка дүйнөгө таасир өткөрүүдө колдонуп келген эл аралык институттарды иштен чыгаруу анын натыйжасында жаңы эл аралык абалды пайда кылып андан пайдалануу жаатында иш алып барууга бет алды. Башкача айтканда, Америка дүйнө лидери болуп турууда башка мамлекеттердин жардамын пайдаланып, соода пайдасы ал тарапка агылуусу жаатында иш алып барып келген болсо, эми эч кимди шерик кылбай жалгыз өзү пайда табуу жана союздаштары анын гана артында жүрүүсү тууралуу пикирлей баштады.

8 – Америка эч бир келишимди шарт тутпайт. Эгер, анын кызыкчылыгы талап кылса аны тез арада бузат же андан бир тараптуу чыгып кетет. Ал мындай ыплас иштерин кичи Буштун убагында 2003-жылы Түндүк Корея менен болгон келишиминде кылган. Ал 1994-жылы Бил Клинтондун учурунда кол коюлган келишимди жокко чыгарган. Ал эми Трамп болсо

Канададагы чоң жетиликтин саммитинде биргелешкен баяндамага кол коюп, бир күндөн кийин болсо кол койгондугун жокко чыгарып салды. Иран менен 2015-жылы болгон өзөктүк келишимден бир тараптуу чыгып кетти. Азыркы Түндүк Корея менен болгон өзөктүк куралсыздандыруу келишимин да бузбайт деген кепилдик жок. Ал Түндүк Корея менен бул келишми айланасында сүйлөшүүлөр башталганда өз кызыкчылына дал келбеген бирер бир нерсе табылса эле Түндүк Кореяга басым кылуу максатында бул келишимди жокко чыгарам деген нерсе менен опузага алуусу толук мүмкүн!

Убада шерттин өтөөсүнө чыкпоо, текебердик, өзүмчүлдүк, башкаларга карата кайдыгерлик жана шантаж кылуу Америкадан ажырагыс сыпаттар. Ушулардын баардыгы Американын тез арада кулашына түртө турган түрткүлөр болуп саналат... Андыктан бүткүл адамзатына жакшылык нурун чача турган адилеттүүлүктү орното турган, акты ак деп батылды батыл дей турган, адамдарга баардык жайларда жана аймактарда коопсуз шарт жаратып бере турган Туура жолдогу Ислам мамлекетин тикелөөгө өз салымыбызды кошуп калалы!

**16-июнь, 2018-м.**

## Түркия боюнча берилген суроолорго жооптор

### ***Жигиттер үчүн саясий маалыматтар***

Биринчи июлда бир киши Түркия Юстиция министрлигине кирип келди. Рентген аркылуу анын өзү менен бирге кооптуу курал алып киргени маалым болду. Ушундан кийин полиция аны текшерүү үчүн алып кирди. (Негизи, полиция эмне үчүн текшергенин ал билбес эле). Кийин анын колдоруна кишен салды. Анда бомба бар экендиги маалым болгон соң, айланасындагы полиция кызматкерлери таркап кетишти. Ушул убакта жанагы киши колдорун аркасына кайрып кишендеп койгонуна карабастан жүгүрө баштады. Адилет министрлиги жайгашкан көчөдө адамдар көп эле. Жанагы киши жүгүрүп, Т формасында кесилишкен көчөдө жайгашкан министрлер

мекемесинин имаратына чейин жетип барды. Акыры ал министрлер мекемеси жайгашкан көчөнүн аягындагы эл көп жерге – Гуван багына жетип барганда, полиция атайын күчтөрүнүн бир кызматкери тарабынан биринчи болуп анын бутуна ок атылды. Ал киши турууга урунганда, башка ок атылып, ал өлтүрүлдү.

Бул орунда ушул окуя жаатында бир канча карама-каршылыктуу жагдайлар бар. Мисалы:

•Айтымдарына караганда, бул иш ошол убакта өз иш ордунда болбогон адилет министри Жамил Шишекке каршы кылынган. Адилет министрлиги имаратынын курулуш планы электрондук почта аркылуу ошол терррористке жиберилген эле. Мындан разведка кабардар болгон. Кала берсе, алар коопсуздук иш-чараларын олуттуу түрдө күчөтүп жиберишкен эле. Мындан тышкары, бул террорист министрликтин имаратынан качып кете алган, ал тургай, министрлер мекемесинин имаратына жетип да алган. Аны өлтүргөн полициячы болсо, министрлер мекемесинин сакчыларынан болгон.

•Жанагы киши рентген аркылуу өткөндө, колго түшүшү мүмкүндүгүн билген. О.э. ал жерде полиция болушуна карабастан, бир полициячы аны текшерип көрүүнү талап кылган.

•Полиция администрациясынын расмий билдирүүсүнө караганда, террорист өзүнө байлап коюлган куралдардын бирин жардырганы үчүн полиция чегинген. Ошондуктан, ал качууга үлгүргөн. Бирок, алар кайрадан «анда кнопканы басуу менен ишке түшө турган пластикалык түрдөгү бомба болгон» дешти.

•О.э. ал өлтүрүлүшүн, колдору байланган абалда жүгүрө албашын билип туруп, жайында туруунун ордуна качууну абзел билген.

Бул кишинин аты Аюб Баёз болуп, ал Элдик азаттык козголоңу партиясы DHKP-C фронтунун мүчөсү болгон т.а. Нусайрий агымына таандык болгон. Бул Түркиядагы коммунисттик куралдуу партия. Анын жетекчиси Дурсун Кирташ. Азыркы учурда ал Голландияда жашайт. Бул партия

англичандар таасири астында болгон деген жоромол жогору. Бул жерде денеге байланган, адилет министрлиги имаратын бүтүндөй ойрон кыла ала турган жана бул жардыруулар колдо же кийимдин жеңинде же жан тарапка коюлган кнопканы басуу менен аткарыла турган күчтүү пластикалык бомба болгон деп айтылды. Дал мына ушул окуяда кнопка колдо болгон.

**Бомба жарылбаганынын эки ыктымалы бар:**

1. Куралданган уюмдар ок-дарыларды түрдүү шарттарда сакташат. Себеби, аларды кыска мөөнөт ичинде иштетүүгө аларда зарылчылык жок. Мындай кампалар аддатта жаман абалда болот. Алар ным, салкын болушу, же жер астында болушу да мүмкүн. Ошондуктан, узак мөөнөт иштетилбеген ок-дарылар бузулат, же иштетүүгө жараксыз болуп калат. Бул террорист иштеткен курал узак убакыт кандайдыр бир жайда таштап коюлган, ошондуктан, жарылбаган болушу да мүмкүн.

2. Ушул амалият үчүн террористти жиберген адамдар атайын кнопканы басуу менен бомбанын жарылбашын пландаштырган болуулары да мүмкүн. Анткени, ошол бомбанын кубаты жогору болуп, бүткүл имаратты ойрон кыла алышы да мүмкүн эле. Мындай көлөмдөгү амалиятты аткаруу үчүн күчтүү себеп жок. Максат коркутуу болгон. Т.а. бомба жарылуу үчүн жиберилбестен, болгону, коркутуу үчүн гана жиберилген. О.э. аны жиберген уюм эгер бомба жарылбай калса, жанагы кишиден качууну талап кылган болушу да мүмкүн. Себеби, ал качышы менен өлтүрүлүшүн, айрыкча, колдору аркага байланган абалда жүгүрүп кутулуп кете албашын билип туруп качканы тууралуу акылга сыя турган эч бир себеп жок.

**Адилет министрлиги бута экендиги себептерине токтолсок**

Адилет жана өнүгүү партиясы өкмөтү англис адамдары жана уюмдарынын мамлекетте калган таасирин кесип коюу максатында, мыйзам тармагында реформалар алып барууда. Бул реформалардын көпчүлүгүн адилет министри аткарууда. Мисалы: жаңы жаза мыйзамы, жаңы сот жана адвокаттар дайындоо боюнча тартибаттар – булар адилет министрлигине

байланыштуу кылып коюлган. О.э. солчул уюмдар көбүнчө сындап жаткан камаккана тартибаттары да. Белгилүү болгондой, террористтик коммунисттик уюмдар өз тутумдук структураларын сактап калууга жана аскердик машыгуулар сыяктуу бир канча курамдык иштерди алып барууга кудуреттүү эле. Себеби, бул иштерди алар ар бир бөлмөгө кырктай киши бата турган кең камакканаларда алып барышар эле. Бирок, ар бир бөлмө эң көп дегенде үч туткунга ажыратылган F түркүмүндөгү жаңы камакканаларда мындай мүмкүнчүлүктөрдөн айрылышты.

**Бул амалият белгиленген убакытка келсек, ал көңүл бурарлык үч иш менен бир убакытка туура келген**

1. 1996-жылкы 2-июлдагы Сивас окуясын эскерүү. Ошондо көптөгөн илманийлер (алардын көпчүлүгү нусайрий агымына таандык болушкан) маданий иштер өткөзүү үчүн Сивастагы «Модимак» мейманканасында турганда, мейманканада өрт чыккан. Бул окуянын акыбетинде 37 илманий өлгөн. Алардын баары Ислам душмандары болгон – мулхид же нусайрий болушкан. Илманийлер ушул окуяны ар жылы эскеришет.

2. Түркияда жаңы «кылмыштар мыйзамы» аткарылышынын башталышы. Бул мыйзам Түркия Европа союзуна кире турган болсо, Америка тарабынан коюлган реформалардын бир бөлүгү эле. Бул мыйзамдын аткарылышы 2005-жылы июнь айында Фатих шаарында башталды. Бул мыйзам мамлекеттеги англичандардын өз мекемелеринин кызыкчылыктары жолунда каалагандай иш жүргүзүүлөрүнө каршы болуп, ошондуктан, алар бул мыйзамды айыптай баштады. Бул мыйзамды аткаруудагы өтө көп кыйынчылыктар да алардын айыптоолорун жеңилдете албады. Бул кыйынчылыктарга мисал катарында мыйзамды колдонууда азырдын өзүндө эле 30 миң судья керек болушун келтирүүгө болот.

3. О.э. бул окуя Курдистан жумушчулар партиясынын иштери көтөрүлүшү менен бир убакта жүз берди. (Бул партия – Америкадан кечип, Абдулла Өжаланды Түркияга тапшыргандан кийин негизги партиядан

бөлүнүп чыккан англияпарастардан турат PKK, KADEK). Ошондон кийин партия эки бөлүккө ажыралып кетти: Биринчиси – күрт регионунда, Ирактагы Талабанийге караштуу, анын артында Америка турат. Экинчиси көбүрөөк англичандар таасири астында болуп, айтылышынча, аларга «жөөттөрдөн кээ бир кишилер да кошулган». Мына ушулар Американы жактоочу болгон «Адилет» өкмөтүнө каршы күчтүү аскердик иштерди алып барат. Адилет министрине каршы болгон окуя болуп өттү, аны жогоруда айтылган партия мүчөлөрүнүн бири ишке ашырды. Бул нерсе мамлекетте англичандарга жана алардын мекемелерине каршы өзүнүн душмандык саясатын улантпашы үчүн «Адилет» партиясына каршы кескин англисче коркутуу эле.

Тыянак: Бул окуя Американы колдоп-кубаттоочу «Адилет жана өнүгүү» партиясы менен (англичан жана жөөттөрдү колдоочу) жашыруун мамлекеттик кишилер ортосундагы күрөштүн артындагы нерсе.

**1-жумадус-соний 1426-х.**

**15-июль 2005-м.**

## Жигиттер үчүн маалыматтар

## «Адилет жана өнүгүү» партиясы туңгуюк көчөдө!

Жакында «Адилет жана өнүгүү» партиясы (англиялыктарга малай болгон) илманий мекемелер жана аларды колдоп-кубаттоочу мыйзамдардын көлөмүн кыскартуу иштерин баштады. Бул нерсе мамлекеттеги англиялыктардын малайы болгон жашыруун канат Эрдоган айткандай, «кнопканы басууну» көрсөтүп турат. Төмөндө «Адилет жана өнүгүү» партиясы оор абалга түшүп, туңгуюк көчөгө кирип калганын көрсөтүүчү маанилүү жагдайларды силерге сунуш кылабыз:

1. Демократиялык реформалар акырын жүрүп жатат деген этибарда о.э. Кипр проблемасы жана Түркиянын Европа союзуна мүчө болушу туралуу сүйлөшүүлөр азыркы убакка чейин башталбагандыгы себептүү Европа союзу

менен алакалар солгундашып кетти. Мунун натыйжасында «Адилет жана өнүгүү» партиясы өзүнүн саясий жолуна ылайык келе турган түстө ички өзгөрүүлөрдү ишке ашыруу үчүн эми Европа союзуна мүчө болуу шылтоосун ортого коё албай калды. «Адилет жана өнүгүү» партиясынын өкмөтү жетишкен акыркы «утуш» 4 октябрда (расмий түрдө алганда 3 октябрда) сүйлөөшүүлөр башталган убакта болду. Мына ошондон кийин өкмөт Европа союзуна мүчө болуу турасында эч кандай алдыга жылууга жетише албады.

2. Америка кеңсесиндеги неоконсерваторлор тобунун абройу төмөндөп кеткендиги жана бул топтун көз караштарынын алсыздангандыгы себептүү Американын ачык-ашкере колдоп-кубаттоосу төмөндөдү. Муну белгилүү неоконсерватор Фрэнсис ФукуЙеменын китебин жана Рамсфелд, Роберт Коган жана башка неоконсерваторлордун акыркы макалаларын окуп чыгуу аркылуу күзөтүү мүмкүн. «Вашингтон пост» газетасы жакында «Адилет жана өнүгүү» партиясынын өкмөтүнө каршы айрым кескин макалаларды басып чыгарды. О.э. Буш жетекчилиги да «Адилет жана өнүгүү» партиясынын өкмөтү аркылуу колго киргизүүнү үмүт кылган нерселерине жетише албады. Ушул себептен Американын жогорку мансаптуу 48 чиновниги өткөн жылкы кырдаалды үйрөнүү үчүн Түркияга бир нече жолу сапар менен келди.

3. Экономикалык тармакта да үмүт кылынган алдыга жылууга жетише албады. Эл аралык валюта коруна кошулуу жана анын буйруктарын аткаруу адамдарды жакырчылык жана кембагалдык баткагынан алып чыкпады. Чет эл кирешесине, айрыкча Булуң мамлекеттеринин кирешесине таянган экономикалык саясаттар эч кандай пайда келтирбеди. Мындан тышкары, 60 миллиард долларга жеткен акчалардын топтолуп калгандыгы натыйжасында жүзөгө келген алсыздык себептүү экономикалык баланс (тең салмактуулук) алсырады. Бул болсо, азыркы бюджеттеги чиеликти дагы да күчөттү.

4. Оппозициянын жана өкмөткө каршы позицияда турган массалык маалымат каражаттарынын терс мамилелеринин натыйжасында өкмөт кыйроого алып баруучу кризис баткагына түшүп калды. Башка тараптан болсо, Шамданли окуялары себептүү армия менен мамилелердин курчушу жана бул туурасында 20-мартта аскерлер берген басма сөз билдирүүсү өкмөттү эзип таштап жаткан бул кризисти дагы да күчөтүп жиберди. Буга кошумча кылып өкмөт оңдоолор киргизүүгө аракет кылган бир канча мыйзамдар, көптөгөн дайындоолор, менчиктештирүү жана башка иштердин аткарылышы мамлекет президенти жана мамлекет межлиси (жогорку кеңеши) тарабынан четке кагылды.

Ушуга караганда, демек, бул белги-көрүнүштөр «Адилет жана өнүгүү» партиясы өкмөтүнүн ушул күндөрдө кыйын абалды, туруксуздук жана келишпөөчүлүктү башынан өткөзүп жаткандыгын көрсөтүп турат. Өкмөттүн «сокку бер, натыйжаларга жетишесиң» же «эки кадам алдыга бир кадам аркага» деген принципке таянган саясаты пайда бербегендиги, тескерисинче, жаман натыйжаларга алып келгендиги ачык эле көрүнүп турат. Өкмөт дуушар болуп жаткан бардык проблемалар артында турган бирден-бир себеп – мына ушул. Буга мисал кылып өкмөттүн армияга, сотторго, таалим түзүмүнө каршы көргөн иш-чараларын, бул партия ичинде карама-каршылыктын күчөп бара жатканын, өзүн Исламий кылып көрсөткөн бул партиянын негизги проблемаларды, мисалы, жолук маселесин чечүүгө кудурети жетпегендигин көрсөтүү мүмкүн.

Америка бул вокыйлыкты эсепке алып жана өзүнүн узак жылдар жумшаган күч-аракеттери бир аскердик төңкөрүш аркылуу же Түркияда тамыр аткан жашыруун күчтөр аркылуу «бир түндө» жокко чыкпоосу үчүн азыр төмөндөгү эки негизге таянып иш жүргүзүүдө:

Биринчи: Демократия, эркиндиктер, реформалар, мыйзамдарга оңдоолор киргизүү деген чүмбөт астында мамлекет мекемелерин алсыздантуу о.э. армиянын «канатын» кыркуу. Ошондо армия «ички коопсуздукту» гана

кармап туруудга күчү жете турган болуп калат жана чабуулга өтүү кудуретинен кол жууган болот.

Экинчи: Калк үстүнөн жетекчилик жана өкүмдарлык кылууну өкмөттүк эмес уюмдарга өткөзүп берүү. Бул иш эркиндиктерди, экономикалык тармактагы саясий шериктештикти кең жаюу аркылуу ишке ашырылат.

Муну менен болсо, мамлекетти алсыздантуу толук ишке ашат жана өкмөттүк эмес уюмдардын колдоп-кубаттоосуна жана жардамына жетишпей туруп эч ким таасирдүү бийлик башына келе албай турган болуп калат. Америка болсо, бул өкмөттүк эмес уюмдардын ичине барган сайын көбүрөөк баш багып кирип барууда. Муну менен бир түндө ишке ашырыла турган ошол мамлекет төңкөрүштөрүнүн баскычына чек коюлат. Ал тургай, мындай төңкөрүштөр жүз берген тагдырда да таасирсиз болот, таасирдүү болгон тагдырда да, мамлекеттин бийлиги алсыздангандан кийин алсыздыгы жана таасирдүү күч ыкмаларына муктаждыгы себептүү жетиштүү таасирге эч качан ээ боло албайт.

Ушуга карабастан, Түркияда бул өзгөрүүлөрдү ишке ашыруу оңойго турбайт. Себеби, армия дагы эле күчтүү бойдон калууда. Аны алсыздантуу үчүн кылынып жаткан бардык иш-аракеттерге карабастан, армия бир бүтүн болуп англиялыктарга чыныгы ишенимдүү болуп калууда. Ангилялыктарга малай болгон канат түрдүү мамлекет мекемелеринде соккуларга учурап жатканына карабастан, бул канат дагы эле турат. Буга кошумча, «Адилет жана өнүгүү» партиясы жана анын өкмөтү куру наамдын гана үстүнө курулган болуп, анын структуралары бири-бирине ылайык эмес. Тескерисинче, анын мүчөлөрүн бири-бирине байлап тура турган нерсе пайдадан башка нерсе эмес. Бул болсо, ал өкмөттүн ар бир көз ирмемде кулашы мүмкүндүгүн түшүндүрөт.

Бул жерде ушул маселеге тиешелүү үч негизги маанилүү чекит бар. Бул үч чекит: мөөнөтүнөн мурун өткөзүлө турган жалпы шайлоолор, президенттик шайлоолорду жана башкы штаб башчысын дайындоодон турат.

Ошондуктан, демек, Шамданли окуясы боюнча генерал Буюк Анетке каршы каратылган чабуул артынан көздөлгөн максат «Адилет» партиясы пикирине кошула турган адамды башкы штаб командачылыгына алып келүү эле. Бул нерсе жалпы шайлоолордун жана президенттик шайлоолордун эч бир тосуксуз өтүшүн кепилдөө үчүн керек.

**Эми жалпы шайлоолордун мөөнөтүнөн мурда өткөзүлүшүнө токтоло турган болсок,** Эрдоган ар дайым – жалган жана алдоо жолу менен – шайлоолордун өз убагында өткөзүлүшүн тынбай айтып келет. Бирок, ушуга карабастан, анын бул билдирүүлөрү оппозицияны мөөнөтүнөн мурда шайлоолор өткөзүлүшүн талап кылууга үндөө үчүн айтылып жаткан сөздөрдөн башка нерсе эмес. Себеби, Эрдоган шайлоолорду кечиктирүү, т.а. 2007-жылы күздө өткөзүү «Адилет жана өнүгүү» партиясы дуушар болуп жаткан байма-бай кригизтер себептүү өзүнүн рейтинги төмөндөп кетишине алып келишин жакшы түшүнөт. Анын ошол билдирүүлөрү өз «мөмөсүн» берди. Себеби, «Республика калк партиясынын» башчысы Денгиз Байкал: «Биз улуттун жүрөгүнө кайрылабыз» деп билдирүү жасады. Анын бул сөздөрү мөөнөтүнөн мурда шайлоолор өткөзүлүшү үчүн парламент мүчөлөрүнөн жетиштүү бөлүгү биротоло атставкага чыгышын түшүндүрөт.

Ушуну да айтып өтүү лазым, Түркия көп партиялуулук системасына, т.а. эки бийликке (саясий бийликке жана аскердик бийликке) өткөн 1946-жылдан тартып бир дагы партиянын өкмөтү бийликте беш жыл тура алган жок. Ушуга караганда, демек, – күтүлбөгөн эч нерсе жүз бербесе – шайлоолордун ушул жылы мөөнөтүнөн мурун өткөзүлүшү ыктымалы күчтүү. «Адилет жана өнүгүү» партиясы калк арасындагы аброюн бүтүндөй жоготпой туруп ушуга жетишүүгө умтулууда. Айрым булактар «күтүлбөгөн шайлоолор» өткөзүлүшүнүн анык мөөнөтүн да айтышты. Ал 2006-жылы 22-октябрь. Башка булактар болсо, 2006-жылы ноябрь айындагы анык болбогон башка бир мөөнөттү айтышты. Ушуга окшогон шайлоолор «күтүлбөгөн шайлоолор» деп аталып, алар шайлоолорду мөөнөтүнөн мурда өткөзүү

туурасында бир убакытта токтом кабыл алуудан турат. Оппозиция жана жамаатчылык бул токтомдон бейкабар калат.

Вокыйлыкты алсак, «Адилет жана өнүгүү» партиясынын бир өзү дагы өкмөт башына келиши күтүлбөгөн иш. Себеби, мурунку шайлоолордо берилген жана «Адилет» партиясынын көп добуштарга ээ болушуна алып келген убадалар көпчүлүк адамдардын туйгу-сезимдерин кытыгылап толкунданткан эле. Ошол убакытта «Адилет» партиясынын жеңишке жетишишине эки фактор салым кошкон эле. Биринчи фактор Америка англиялыктарга малай болгон мурунку өкмөткө каршы атайын, жасалма түстө экономикалык силкинүүлөрдү жүзөгө келтириши жана адамдардын иш «Адилет» партиясы бийликке келиши менен оңдолсо керек деп үмүттөнүшүнөн турган эле. Бирок, көрүп турганыбыздай, экономикалык абал ого бетер жамандашты. Экинчи фактор болсо адамдардын, айрыкча, айыл элдеринин мурунку өкмөттөн мусулмандардын туйгуларына, айрыкча, муслима аялдардын жолугуна каршы басым өткөзгөндүгү үчүн кыжырдангандыктары эле. Ошондуктан, адамдар өзүн Исламий кылып көрсөткөн «Адилет» партиясынан өздөрүнүн Исламий ибадаттарын өтөөдө, айрыкча, жолук маселесинде жеңилдик жаратып беришинен үмүттөнүшкөн эле. Бирок, «Адилет» партиясы өкмөтүнүн жолук проблемасын чече албагандыгы, балким, калкы мусулман болгон бул өлкөдө зынанын арамдыгы жөнүндө мыйзамдар чыгара албагандыгы адамдарга ачык-айкын болуп калды. Ошентип, демек, «Адилет жана өнүгүү» партиясынын жеңишке жетишишине салым кошкон бул эки фактор вокыйлыкта башкача натыйжаларга алып келди. Бул болсо, «Адилет» партиясынын күчтүү жеңишке жетишүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат. Ошондуктан, «Адилет жана өнүгүү» партиясынын да, «Республика калк партиясы»нын да добуштардан кол жууп, дал ушул убакытта «Ата мекен» партиясы (мурунку Өзал партиясы), «Туура жол» партиясы (мурунку Тансу Чиллер партиясы), «Улуттук аракет» партиясы (Башлай партиясы) жана «Саадат» партиясы

(мурунку Эрбакан партиясынын) көптөгөн добуш алышы күтүлүүдө.  Бул болсо, бир партиянын Түркияда узак мөөнөт бою өкмөт башында турушунун доору бүткөндүгүн түшүнөт. Ушуга карабастан, «Адилет жана өнүгүү» партиясынын өкмөтү шайлоолор тизмесинде болот. Бул партия эгер өкмөт башчысы өз токтомун өзгөртүү үчүн башка вариант таппаса коалицион өкмөт түзүшү мүмкүн.

**Ал эми, президенттик шайлоолоруна токтоло турган болсок,** бул шайлоолор 2007-жылы майда болуп өтөт. Жалпы шайлоолордон мурунбу же кийинби, Эрдогандын өз кондидатурасын коюшу күтүлбөйт. Себеби, Эрдоган өз кондидатурасын коё турган болсо, партия башчысы кызматынан баш тартууга мажбур болот, ал партияны ташташы да мүмкүн. Бул болсо, партиянын толук бойдон бүлүнүшүнө алып келет. Өзал менен кудум ушул абал жүз берген эле. «Адилет жана өнүгүү» партиясынын мүчөлөрү мурда түрдүү саясий партиялардын мүчөлөрү болушкан. Ушул себептен демек, алардын ортосундагы ички күрөштөр партиянын бүлүнүп кетишине алып келиши анык. Эрдоган диктаторлук ыкмаларын колдоп, өз партиясындагы бөлүнүүлөрдү азырга чейин жашырып, жаап келүүгө жетишти. Ошондуктан, эгер Эрдоган президенттик шайлоолорунда жеңип чыгып президент болуп калса, анда анын партиясы өз өкүмдарлыгын жоготушунун жана бул партиядагы жетекчилик жана стратегия туурасында өкүмдарлык талашуу күрөштөрү дагы да аянычтуу түс алышынын ыктымалы өтө күчтүү. Өкмөттөгү күчтүү посттордо отурган кишилер ушулар: Бюлент Аринж (Түркия улуу улут межлисинин (парламенттин) башчысы. Аны партиянын ички иштеринен узактатуу үчүн Эрдоган ага ушул мансапты берген), Абдул Латиф Шанор (башкы министр жардамчыларынан бири жана менчиктештирүү боюнча жоопту министрлерден бири), Абдулла Гуль (премьер министрдин орунбасары жана тышкы иштер министри), Жамил Шишак (өкмөт атынан сүйлөөчү жана юстиция министри), Абдул Кодир Аксу (ички иштер министри), Навзат Ялчинташ («Адилет жана өнүгүү»

партиясынан шайланган депутаттардан бири. Ал бир кыйла таасирге ээ киши болуп, анын уулу «Түркия соода үйү»нүн башчысы) о.э. оппозициядагы айрым кишилер. Ушул себептерден келип чыгып, Эрдогандын президенттикке өз кондидатурасын коюу үмүтү өтө эле кем. Эми, эгер ал өз кондидатурасын койсо, бул Америка буйругунун натыйжасы же кеккейиши себептүү болот.

Эгер Эрдоган кандидатурасын койбосо, анын ордуна ушул үч сыпатка ээ болгон т.а «Адилет жана өнүгүү» партиясына жакын туруучу же жок дегенде бул партияга душман болбогон жана башка саясий партиялар макул көрө турган башка адам өз кандидатурасын коюу мүмкүн. Бул кандидатура Эрдогандын жолук салынбай турган аялы болушунун ыктымалы күчтүү.

**Эми башкы штаб башчысын дайындоого келсек,** штабдын азыркы башчысы Өзкук 2006-жылы августта атставкага чыгарылат жана мыйзам боюнча анын ордун кургактык күчтөрүнүн командачылыгынын генералы Буюк Анет ээлейт. 2007-жылы май айында президенттик шайлоолору болуп өткөндөн кийин болсо (армия ичиндеги «ястребдин» (кузгундардын) эркеси болгон) бул генерал аскердик кызматынан бошошу, 2007-жылы августа болсо, штаб башчысынан атставка бериши керек. Т.а. ал башкы штаб башчысы кызматын болгону бир жыл гана ээлейт. Кийин генерал Элкар Бошбуг (армиядагы «кептер»лердин эркеси) анын ордун ээлеп, башкы штаб башчысы болот. Ал бул кызматта 2009-жылдын августуна чейин калат. Элкар Бошбугдун көз каранды экендиги жана баш штабдын азыркы башчысы генерал Хилми Өзкукка жакын киши экендиги жакшы маалым. Бул болсо бир халканы түзөт, (Америка тобу болгон «Адилет» партиясы) ушул халка аркылуу жарып кирүү жана түпкү конституцион өзгөртүүлөр жасоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Бул топтогу адамдардын өзгөрүшү аркылуу азыркы башкаруу системасын парламенттик республика системасынан президенттик республика системасына өзгөртүүгө жетишет жана бул система Американын президенттик системасына окшоп калат. Бул түпкү өзгөрүүлөр

ишке ашырыла турган болсо, президенттик шайлоолорунан кийин өкмөт таркатып жиберилет жана (жаңы президенттик республикасы түзүмүнө ылайык) жаңы президенттик шайлоолору өткөзүлөт. Ошол убакытта Эрдоган өз кандидатурасын коюп, илманий (динсиз) Түркия мамлекетинин президентине жана андагы жогорку укуктар ээсине айланышы мүмкүн. Андан кийин болсо, Ал Америка сунуш кылган реформаларды баштайт. Себеби, Эрдоган «Америка ачып берген жол кең көлөмдүү ылдам кадам таштоо жолу» экендигин ар дайым айтып келет. Жогоруда айтып өткөнүбүздөй, Түркияда бир партиянын өкүмдарлык доору бүттү же бүтөйүн деп калды. Бул болсо Американы ташбишке салып жатат. Себеби, коалицион өкмөттө күчсүздүк пайда болууда. Ошондуктан, Америка мамлекет президент жана премьер министрге таянуучу парламенттик республика системасын жок кылып, анын ордуна президенттик республика системасын толук орнотууга бар күчү менен аракет кылууда. Мындай системада президент - президенттик да, премьер министрик да укуктарына ээ болот. Ошондо Америка өз таасирин Түркияга беймарал жаюу мүмүнчүлүгүнө ээ болот.

Алардын пландары жана айла амалдары ушундай. Бирок, Алла Субханахунун да Өз пландары бар. Биз Алла Жалла ва Аъладан өз нусрат-жардамын жиберишин жана пайгамбарлык минхажы негизиндеги туура жолду тутуучу бир халифа жетекчилигиндеги Халифалыкты кайра тикелөө аркылуу момундарга ырайым кылышын үмүт кылып калабыз. Бул халифа – Аллланын уруксаты менен – капырлардын өз карамүртөз пландарын ишке ашырууга жол койбойт жана аларды жанчып таштайт. Алла Азза ва Жалладан ушуну сурап калабыз. Албетте, Ал угуучу, кабылдоочу зат.

– *«Албетте Алла үстөм жана өч алуучу».* [14:47]

**3-рабиул-аввал 1427-х.**

**1-апрель 2006-м.**

## Жигиттер үчүн маалымат

## Түркия жана «жашыруун мамлекет»

Премьер-министр Режеп Тайип Эрдоган Эфиопияда өткөзүлгөн Африка союзу жыйынынан кайтып келе жаткан самолётто интервью берип жатып «жашыруун мамлекет» (мамлекет ичиндеги мамлекет), деген сөздү ачык-ашкере айтты жана бийликке келгенден бери т.а. төрт жылдан бери биринчи жолу тилге алды. Ал «жашыруун мамлекет» Усманий мамлекеттен мурас калган адат, аны жок кылуу керек деди. Ал ошол биринчи интервьюсун түшүндүрмөлөп, кийинки берген интервьюсунда мындай деди: «Жашыруун мамлекет» – бул мамлекеттик мекемелер ичиндеги уюшкан топтор. Ага анык аныктама берүү керек, анткени, коомдо кеңири жайылган бул нерсе туурасында бардыгы анык түшүнүк пайда кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болсун. Бул нерсе жөнүндө жүрүп жаткан талкуу-тартышуулар анык-тунуктуктан ыраак болгон пикирлер айланасында жүрүп жатат».

Эрдогандын интервьюсуна айкындык киргизүү үчүн төмөнкүлөрдү айтабыз:

Англия өзүнчө бир аралда жайгашкан, көлөмү кичине мамлекет болуп, жалаң гана башкалардын эсебинен тегинкордук менен күн көрөт. Анын саясаты улуу мамлекет болуп майданга чыккандан бери малайлар жана тыңчылар даярдоо менен жуурулушуп кетти. Ал Усманий мамлекеттин акыркы күндөрүндө да мына ушундай иш тутту... Англия Мустафа Кемел менен анын тобун жалдады, жасалма жеңиштер аркылуу аны каарман кылып көрсөттү жана Усманий мамлекеттин коопсуздугуна зыян жеткирүү үчүн аны кылмыштуу жолдор менен колдоп-кубаттады. Ошондон кийин Мустафа Кемел Усманий Халифалыкты бекер кылууда англичандар колундагы бир курал болуп кызмат кылды. Малайларды, тыңчыларды, кылмышкер топторду мамлекет ичинде англичандар өкүмүнө моюн суна турган, алардын пайдасына кызмат кыла турган күч борборлору кылып даярдоодо англичандар биринчи орунда турат. Бул күч борборлоруна «жашыруун

мамлекет» (т.а. мамлекет ичиндеги мамлекет) деген шарттуу наам берилген. Англичандар мындай борборлорду мамлекеттер ичкерисинде өз кызыкчылыктарын көздөп жүзөгө келтиришет. Жашыруун мамлекет деген сөздүн негизги мазмуну ушул. Бул сөз ар дайым англичандарга көз каранды күчтөр борборлоруна карата колдонулуп келет. Ал тургай, кийинчерээк башка мамлекеттер да ушул саясатты жүргүзө турган болушса да, бирок, жашыруун мамлекет деген термин мамлекеттер ичкерисинде, расмий башкаруу аппараттарында көзгө көрүнбөй турган, англичандарга караштуу күчтөр борборлоруна тиешелүү термин катарында колдонуп келди. Айрыкча, бул термин Түркиядагы күчтөр борборлоруна карата колдонуп келинди. Бул күч борборлорун англичандар Усманий мамлекеттин акыркы доорлорунда түздү. Бул күч борборлорунун аракети Мустафа Кемел жана анын тобу майданга чыгып, Халифалыкка каршы козголоң көтөрүп, ага ичкериден сокку берип, кийин аны бекер кылуулары менен аяктады. «Жашыруун мамлекет» деп аталган бул вужуд англис малайларынан жана англичандар «экспорт» кылган пикирлерден турду жана мына ушул малайлар бул пикирлерге берилгендик менен кызмат кылышты. Бул пикирлерге мисал кылып илманийлик (динсиздик), улутчулдук, жердешчилик, регионалдык мамлекет сыяктуу пикирлерди келтирүүгө болот. Ал эми малайлар болсо: армия генералдары, саясатчылар жана илманийлер. Алар англичандарды өз ата-энеси деп эсептеген Мустафа Кемел менен анын тобунун изинен кетишүүдө.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин коңулдан чыккан Америка Түркияны англичандар өкүмдарлыгынан тартып алып, өзүнө каратуу үчүн чоң мээнет сарптады. Бул Америка тышкы саясаты чеңгелинин кең жайылышы эле. Бул саясат Англияны мурунку колонияларынан айдап чыгарып, анын ордун ээлөө болчу. Ошондуктан, Америка Түркиядагы күч борборлоруна, айрыкча, армияга өз таасирин өткөзүүгө жана англичандардын Түркиядагы таянычы болгон «жашыруун мамлекет»ти ордунан кыймылдатып, ага зыян

жеткирүүгө урунду. Бирок, Америка айрым генералдар менен үзгүлтүксүз алака орнотконуна карабастан о.э. азыркы «Адилет жана өнүгүү партиясы» өкмөтүнө өз өкүмүн өткөрүп жатканына карабастан, өз таасирин сезилерлик, таасирдүү түрдө жая албады жана жашыруун мамлекеттеги таасирдүү күч борборлору англичандар малайлары колунда калып кете берди.

Американын колдоп-кубатташы, жардамы менен бийлик башына келген «Адилет жана өнүгүү партиясы» өкмөтү Америка тышкы саясаты пайдасына кызмат кылуучу бир курал гана, мындан башка нерсе эмес. Премьер-министр Эрдогандын бийлик башына келгенине төрт жыл өткөндөн кийин «жашыруун мамлекет» бар экендигин тан алып берген интервьюсу болсо, мына ушул күч борборлору себептүү өзү туш келген ыза жана түйшүктөрдүн чагылдырылышы гана. Премьер-министр Эрдоган өзүнүн бул ыза жана түйшүгүн мурун да: «Биз бийликке келдик. Бирок, кудуретке ээ эмеспиз», деп түшүндүргөн эле. Ошондо ал өзүнүн бул түйшүгүнүн себебин «жашыруун мамлекет» дебестен, балким «бир ууч бюрократтар» деп айткан.

Эрдогандын: «Жашыруун мамлекет» Усманий мамлекеттен мурас калган бир адат, ага чек коюп, жок кылуу керек», - деп айтышы ошол «жашыруун мамлекет»тин башчыларынан коркуп, аларга жасакерленүү үчүн айткан сөзү. Ошондуктан, «мурас калган» дегени менен, бирок, кантип «мурас болуп калганын» айтпады. Себеби, эгер чындыкты т.а. бул жашыруун мамлекет англичандардын малайлары жана тыңчыларынын Усманий мамлекеттин акыркы күндөрүндө Халифалыкка каршы аны бекер кылуу үчүн кылган аракеттеринин жемиши экендигин айтса, Мустафа Кемелдин «куйрук»тары болгон илманийлердин чабуул кылып калышынан коркту. Себеби, ал эгер бар чындыкты айта турган болсо, бул нерсе Түркия республикасынын негиздөөчүсү болгон Мустафа Кемел менен анын динсиз тобунун өзү адамдардын жек көрүүсүнө учураган ошол «жашыруун мамлекет»ти курушканын ачып таштамак.

Эрдогандын жашыруун мамлекетти «мамлекеттик мекемелер ичиндеги уюшкан топтор» деп аташы мамлекеттин бардык мекемелери жана аппараттары үстүнөн (кара күчкө эле!) башчылык кылып жаткан премьер-министрдин эч кандай өз алдынча эрк жана өкүмдарлыкка ээ эместигин ачык тан алышы болуп саналат. Анткени, бийлик башында туруу бир нерсе болсо, өкүмдарлык кылуу башка нерсе. «Адилет жана өнүгүү партиясы» өкмөтү Түркия республикасында «аткаруучу вужуд» катары бийлик башында турган болсо, дал ушул убакытта чыныгы өкүмдарлык англичандар малайы болгон ошол күч борборлору колунда. Бул күчтөргө «жашыруун мамлекет» деп аныктама берүү жана аларды «мамлекеттик мекемелер ичиндеги уюшкан топтор» деп атоо бул күчтөрдүн чыныгы жийиркеничтүү кебетесин «өтө тар жана жеңил-жумшак» гана айтуу болот. Бул болсо Эрдоган алардын чыныгы кебетесин чын көрсөтүп берүүдөн коркуп жатканын көрсөтүп турат.

Демек, бүгүн бул жерде өзүн бул өлкөнүн жана анын байлыктарынын кожоюну деп эсептей турган жана элге душмандык назары менен карай турган бир топ бар. Бул топ калкты кооп-коркунуч булагы деп билет, өзү таянып жаткан бир канча бузук пикирлерди сактап калуу үчүн, ага ушундай назар менен карайт. Бул топ – англичандарга малай болгон күч борборлору. Башкача айтканда, таасирге ээ болгон күчтөр. Армия генералдары болсо, мына ушул топтун ажыралгыс бөлүгү.

«Адилет жана өнүгүү партиясы» өкмөтүнө келсек, ага бул топту жана анын күч борборлорун жок кылууга, же аны англис таасиринен чыгарып, Америка таасири астына өткөзүүгө алып келүүчү стандарттар жардамында, мыйзамчылыкка тиешелүү жана конституциялык реформалар өткөзүү милдети жүктөлгөн. Мындан тышкары, ага бул топ таянып жаткан пикирлерди өзгөртүп, аларды демократия, эркиндик, глобалдаштыруу, либерализм сыяктуулардан турган америкача пикирлөө таризине ылайык келе турган пикирлерге алмаштыруу милдети да жүктөлгөн. Мындан болсо Америка кызыкчылыктарына жана саясатына кызмат кылуу көздөлөт.

Мамлекеттин башкалар жетегинде жүрүшүнө чек койбой туруп, анын ичиндеги жашыруун мамлекетке чек коюп болбойт. Алла Өзүнүн момун пенделерине убада берген жана Расулулла ρ башарат берген туура жолду тутуучу Халифалык мамлекетин курбастан туруп, мамлекеттин башкалар жетегинде жүрүшүнө чек коюп болбойт. Анткени, туура жолду тутуучу Халифалык мамлекети тикеленсе гана, мына ошондо өкүмдарлык Исламдыкы, жетекчилик Алла жана Расулуна берилген момундардыкы болот. Мына ошондо гана мамлекеттин таянычтары бекем, вужуду туруктуу болот. Ошондо Үммөт «жашыруун мамлекет» деген балээден түбөлүккө кутулат.

**17-мухаррам 1428-х.**

**5-февраль 2007-м.**

## Жигиттер үчүн маалымат

## Конституциялык өзгөртүүлөр пакети тууралуу референдум өткөрүүдөн кийинки саясий доор

Учурда Түркиядагы коомчулуктун пикири бир канча маселелерге каратылган. Алардын негизгилери: «Конституциялык өзгөртүүлөр пакети» тууррасында референдум өткөрүлгөндөн кийин боло турган иштер, президенттик башкаруу, жаңы конституциялык өзгөрүүлөр жана терроризм. Ал эми, «конституциялык өзгөртүүлөр пакети» камтыган, конституциялык сот структурасы менен судья жана башкы прокурорлор жогорку кеңешинин (HSYK) структурасында – бул жаатта референдум өткөрүлгөн – өзгөртүүлөр киргизүүгө байланыштуу берене жөнүндөгү маселе болсо, көбүрөөк этибары тарткан маселе болуп калды. Референдумда ушул пакет ийгиликтүү өтүп, конституциялык өзгөртүүлөр кабыл алынгандан кийин ататүркчүл илманийлердин ачуудан кандары кайнап, түрдүү бирдирүүлөрдү беришип, реакциялар билдиришти...

Белгилүү болгондой, 2010-жылы 2-майда 1982-жылдагы конституция беренелеринин айрымдарына өзгөртүү киргизүүнү камтыган «конституциялык өзгөртүүлөр пакети» тууурасында референдум өткөрүү түрк парламенти тарабынан тастыкталды. Бул өзгөртүүлөр пакети 26 беренени өз ичине алат. Бул беренелердин арасында кескин, кызуу жана олуттуу тартышууларга себеп болгон эки берене бар. Алар конституциянын 146-беренесин өзгөртүүгө байланыштуу 16-берене о.э. 159-беренени өзгөртүүгө байланыштуу 22-берене. 16-берене конституциялык сот структурасына байланыштуу болсо, 22-берене судья жана башкы прокурорлордун жогорку кеңешинин (HSYK) структурасына байланыштуу берене. Оппозициячыл партиялар «Адилет жана Өнүгүү» партиясынын өкмөтүн ушул беренелерге өзгөртүү киргизүү аркылуу сот үстүнөн үстөмдүк орнотуп алмакчы болуп жаткандыкта айыптап жатат. «Адилет жана Өнүгүү» партиясынын өкмөтү болсо, бул айтымдарга ушул өзгөртүүлөр сотко демократиялык структураны берет деп, жооп айтууда.

Биз бул иштин негизги акыйкатын баян кылуу максатында ушул беренелердин мазмунун үйрөнүп чыкмакчыбыз:

Конституциялык сот структурасына байланыштуу 146-берененин өзгөртүү киргизилишинен мурунку абалы:

Конституциялык сот структурасы 15 мүчөдөн түзүлүп, алардын он бири туруктуу мүчөлөр, төртү болсо запастагы мүчөлөр болот. Алардын баардыгы республика президенти тарабынан дайындалат. Бирок, он бешинин ону жогорку кассациялык сот, жогорку административдик сот, аскерий трибунал, жогорку аскерий адинистративдик трибунал жанга жогорку каржы соту тарабынан белгиленип, тандалат. Кийин болсо алар дайындалуу үчүн республика президентине талапкер болуп көрсөтүлөт. Ушул белгилөө жана тандоо республика президентин конституциялык сотко түздөн-түз таасир

өткөрүшүнө тоскоолдук кылат. Конституциялык соттогу туруктуу мүчөлөрдүн бирин үч талапкерлер арасынан тандоо жогорку таалим кеңеши (YÖK) тарабынан аткарылат. Т.а. мына ушул 11 мүчөнү дайындоодо республика президенти эч кандай таасирге ээ эмес. Кыскасы, республика президенти 15 мүчөдөн калганын дайындоо укугуна ээ болуп, аларды жогору даражадагы жооптуулар жана адвокаттардан тандайт. Ал тургай, конституциялык сот мүчөлөрүнүн баарын дайындалышы жөнүндөгү токтомго кол коюу президентке сунуш кылынса да, бирок, ал иш жүзүндө чектелген жана аларды белгилөөдө чыныгы таасирге ээ эмес.

«Конституциялык өзгөртүүлөр пакети» өз ичине камтыган конституциялык сот структурасына байланыштуу күтүлүп жаткан өзгөртүүлөр болсо, төмөнкүлөрдөн турат: Конституциялык соттун мүчөлөрү 15тен 17ге чейин көбөйтүлөт; туруктуу мүчө, запастагы мүчө деп, бөлүнбөстөн баардыгы бирдей каралат; жогорку каржы соту жана адвокаттар тарабынан талапкер болуп көрсөтүлгөн адамдардан турган конституциялык соттун 3 мүчөсүн тандоо укугу түрк парламентине тапшырылат; жогорку кассациялык сот, жогорку административдик сот, аскерий трибунал, жогорку аскерий административдик трибунал жана жогорку таалим кеңеши тарабынан талапкер болуп көрсөтүлгөн адамдардан турган 10 мүчөнү тандоо укугу республика президентине берилет; республика президенти 4 мүчөнү жеке өзүнүн тандоосу ылайык дайындалат. Конституциялык өзгөртүүлөр пакетинин референдумдан ийгиликтүү өтүшүнүн натыйжасында республика президентинин да, түрк парламентинин да конституциялык сотко болгон таасири салыштырмалуу көбөйөт. Бирок, көпчүлүктө болгон, арийне, конституциялык соттун токтомдоруна болгон таасири жетерлик көбөйбөйт. Себеби, республика президенти ушул чөйрөлөр талапкер кылып көрсөтүп берген он адамды эле тандоого мажбур. Жеке өзү

болсо 4 гана адамды тандайт, парламент да өзүнө талапкер болуп көрсөтүлгөн адамдардын үчөөсүн тандайт. Ушул жаңы өзгөртүүдөн республика президенти менен парламенттин дайындоо укуктары көбөйгөн болсо да, бирок, экөөсү тең өздөрүнө сунуш кылынган талапкерлерди тандоого мажбур болгондуктан бул укуктар толук эмес болуп калган.

Эми, судья жана башкы прокурорлордун жогорку кеңешинин (HSYK) структурасына байланыштуу 159-беренеге келсек, анын өзгөртүү киргизилишинен мурдагы абалы төмөнкүдөй эле:

Мурунку абалга ылайык, судья жана башкы прокурорлордун жогорку кеңешинин башчысы адилет министри эле. Адилет министринин кеңешчиси болсо табигый түрдө кеңештин мүчөсү эле. Кеңештин 12 мүчөсүнүн жетиси туруктуу, беши запастагы мүчөлөр болуп, аларды тандоо укугу республика президентине берилген эле. Президент кеңеш мүчөлөрүн жогорку кассациялык соттун пленуму жана жогорку административдик соттун пленуму тарабынан талапкер болуп көрсөтүлгөн адамдардын арасынан тандалчу. Ушул мурдагы механизмге ылайык, республика президентинин да же бирер саясий бийликтин судья жана башкы прокурорлордун жогорку кеңешинин (HSYK) структурасына аралашууларына уруксат берилбеген. Башкача айтканда, судья жана башкы прокурорлордун жогорку кеңешинин мүчөлөрү жогорку кассациялык сот жана жогорку административдик сот мүчөлөрүн белгилөө менен алектенчү. Ал эми, жогорку кассациялык сот жана жогорку административдик соттун мүчөлөрү болсо, сот жана прокурорлордун жогорку кеңешинин мүчөлөрүн белгилөө менен алектенер эле. Т.а. бул иш – мурдагы механизмге ылайык – толук сот мекемелерине байланыштуу болгон. Эгер, жогорку кассациялык сот жана жогорку административдик соттун конституциялык жогорку сот мүчөлөрүн да белгилөөдө маанилүү роль

ойноолоруна этибарды карата турган болсок, судья жана башкы прокурорлор жогорку кеңеши (HSYK) Түркиядагы сот мекемеси ичинде эң көп таасир жана мааниге ээ чөйрө экени даана көрүнөт.

«Конституциялык өзгөртүүлөр пакети» камтыган судья жана башкы прокурорлор жогорку кеңешинин (HSYK) структурасына байланыштуу күтүлүп жаткан өзгөртүүлөр болсо, төмөнкүлөрдөн турат: судья жана башкы прокурорлор жогорку кеңеши (HSYK) мүчөлөрүнүн санын 12ден 34кө көбөйтүп, алардын 22си туруктуу мүчө, 12си болсо запастагы мүчө болот; Аларды тандоо укугу республика президентине берилет. Республика президенти аларды жогорку кассациялык сот, жогорку административдик сот, түрк адилет академиясынын жалпы палатасы, администратор укуктаануучу прокурорлор тарабынан талапкер болуп көрсөтүлгөн адамдардан тандайт; Республика президенти 4 мүчөнү жеке өзүнүн тандоосуна ылайык дайындайт. Көрүнүп тургандай, ушул өзгөртүүлөр жана республика президентине 34 мүчөдөн 4 мүчөнү дайындоо укугунун берилиши ушул кеңештин структурасында да эч кандай маанилүү өзгөрүү жасабайт, президентке да дээрлик эч кандай таасир өткөрүү укугу берилбейт.

Демек, конституциялык өзгөртүүлөр пакетинде жана конституциялык сот, судьяга да жана башкы прокурорлор жогорку кеңешинин салмагына да таасир кыла турган эч бир олуттуу маанилүү өзгөртүүлөр жок. Ошондой болушуна карабастан, «Адилет жана Өнүгүү» партиясы өкмөтү кудум маанилүү өзгөртүү жасагандай, бул ишке үгүттөп жатат. Бул болсо, ататүркчүл илманийлердин ушул эки мекемеге болгон ишенимдеринин азайышына алып келип, аларды келечекте кандайдыр бир иш кылмакчы болушканда абдан кылдатттык менен иш көрүүгө мажбур кылды. Башкача айтканда, «Адилет жана Өнүгүү» партиясы өкмөтү конституциялык сотко да, судья жана башкы прокурорлор жогорку кеңешине да олуттуу өзгөртүү киргизе албаган

болсо да, бирок бул экөөсүнүн структурасында кандайдыр бир деңгээлде өзгөртүүлөрдү жасаганы аркылуу ататүркчүл илманийлердин экөөсүнө болгон ишенимдерин күчсүздөнтүүгө жетишишти. Ушул жактан алганда, өкмөттүн конституциялык сот жана судья жана башкы прокурорлор жогорку кеңеши менен байланыштуу 1982-жылдагы ыңкылапчылар конституциясы деп, наамга ээ болгон ушул конституция беренелериндеги өзгөртүү киргизүү ишин «Адилет жана Өнүгүү» партиясы маанилүү саясий иш деп эсептөөдө. Себеби, 1982-жылдан бери бул эки беренеге биринчи жолу өзгөртүү киргизилди. Бул партия муну менен түрк коомчулугуна 1982-жылдагы конституцияга бүтүндөй өзгөртүү киргизүү керек деген пикирди берүүгө, ошол эле учурда, эгер зарыл болсо тез аранын ичинде кайра референдум өткөрүшүн сот мекемесине көрсөтүп коюуга жетишти. Муну менен ушул партия президенттик башкаруу сыяктуу өзүнүн саясий долбоорлору үчүн ыңгайлуу шарт жаратып алган о.э. коомдук пикирди конституцияны бүтүндөй өзгөртүү зарыл деген пикирге каратып алган болот. Түздөн-түз референдум өткөрүлгөндөн кийин, 2010-жылы 13-сентябрда бул партия президенттик башкаруу жөнүндөгү сунушту ортого таштады. Буга мисалдар төмөнкүдөй: «NTV» телеканалынын 2010-жылы 14-сентябрдагы кабарына ылайык, түрк парламентиндеги конституциялык комитеттин башчысы Бурхан Кузу мындай деп билдирүү берди: «Парламенттик башкаруу проблемаларды чече турган болуп көрүнсө да, бирок, дагы туңгуюк көчөгө кирип калууда. Албетте, эң туура вариант – бул президенттик башкаруу». «Haberturk» телеканалынын 2010-жылы 14-сентябрдагы кабарына ылайык, «Адилет жага Өнүгүү» партиясы башчысынын орун басары Умар Челик партия башкы штабында өткөрүлгөн партиянын борбордук аракет комитетинин жыйынында басма сөз кызматкерлерине мындай деди: «...Калктын ушул референдум аркылуу конституциялык өзгөртүүгө ыраазы болгону

– жарандарыбыз жаңы конституцияны колдоп-кубаттоого даяр экендиктерин түшүндүрөт». «Миллият» гезитинин 2010-жылы 21-сентябрдагы кабарына ылайык, республика президенти Абдулла Гүл конституциялык өзгөртүүлөр туурасында мындай деп билдирүү берди: «Мен ушул парламентке чоң маани берип жатамын. Эгер, мүмкүн болсо, муну (жаңы конституцияны) азыркы парламенттин тушунда ишке ашыруу зарыл. Эгер, мүмкүн болбосо, бул иш жалпы шайлоолордон кийинки кезге чейин асылган бойдон чечилбей калат. Жалпы шайлоолорго аз убакыт калды. Бирок, жалпы шайлоолордон мурун калкка бир жаңы конституция бар экенин маалымдоо керек ». Эрдоган да 2010-жылы 11-сентябрда «CNN Türk» телеканалы аркылуу президенттик башкарууга байланыштуу маселе боюнча чөйрө даярдап жатканына ишарат кылды. Ал президенттик башкаруу жана аны үйрөнүү мүмкүндүгү туурасында сөз кылып, буга көптөгөн мисалдарды, өзгөчө, АКШны мисал көрсөтүп мындай деди: «Бул боюнча парламенттеги конституциялык комитет башчысы Бурхан Кузу катуу даярдык көрүүдө. Ал академияда кең билимге ээ болгон. Бул маселеде бардык нерсе, т.а. кайсы бири өлкөбүзгө көбүрөөк өсүп-өнүгүү жана жөндөм алып келиши, кайсы бири бийликке ылдам кадам таштоо мүмкүнчүлүгүн бериши бизге маалым. Оппозиция болсо, мына алар халифалыкты алып келишүүдө, деп айтууда. Президенттик башкарууга халифалыктын алакасы жок. Парламенттик башкаруу өз ишин улантат. Силер АКШдагы конгресс канчалык күчтүү экенин жакшы билесиңер...». Жогорку деңгээлдеги жооптуулардын мына ушундай билдирүүлөрүнө кошумча, бийликти жактагындыкта белгилүү болгон маалымат каражаттарынын 70%ы да ушул маселеге кең көлөмдө үгүт жүргүзүштү. Бул болсо тездик менен чөйрө даярдоого жардам берди.

Башка жактан болсо, «Адилет жана Өнүгүү» партиясы ушул референдумда жетишкен утуштан келерки 2011-жылда болуп өтө турган жалпы шайлоолордогу алдын ала үгүттөө кампаниясында көзүр карта катары пайдаланат. Ал тургай, конституциялык сот, судья жана башкы прокурорлор жогорку кеңешинин (HSYK) структурасына кандайдыр бир деңгээлде өзгөртүүлөр киргизилген болсо да, бирок, бул «Адилет жана Өнүгүү» партиясынын Түркияда АКШнын саясатын жана пландарын аткарууда оор тоскоолдук болуп турган англияпараст уюмдарды күчсүздөнтүү ниетинде алып барып жаткан иштерине кирет. Калк үчүн болсо эч кандай чечим же пайда алып келбейт. Ошондой болсо да, «Адилет жана Өнүгүү» партиясы ушул ниетин жашырып жатат, өзүн кудум калк башынан өткөрүп жаткан проблема-кыйынчылыктарга чечим боло турган иш кылгандай кылып көрсөтүп жатат! Ошондуктан, бул партия калкка, эгер, силер 2011-жылы боло турган шайлоолордо «Адилет жана Өнүгүү» партиясына добуш берсеңер, шайлоолордон кийин бул партия силерге толук конституциялык өзгөртүүлөрдү өткөрүп берет, деген убаданы берип, референдум натыйжаларынан да келечектеги шайлоо үчүн бир курал катары пайдаланышы мүмкүн.

«Адилет жана Өнүгүү» партиясы өкмөтү, эгер судья жана башкы прокурорлор жогорку кеңеши (HSYK), конституциялык сот, жогорку административдик сот, жогорку кассациялык сот жана жогорку шайлоолор кеңешинин структураларында түптөн өзгөртүү киргизбей турган болсо, бул уюмдардын баары анын жолунда ар дайым тоскоолдук болуп турушун жакшы билет. Ошондуктан, «Адилет жана Өнүгүү» партиясы бул эки уюмга кичине болсо да өзгөртүүлөрдү киргизди.

Негизги оппозициячыл партия болгон «Республика Элдик партиясы» жана башка ататүркчүл англияпараст уюмдар «Адилет жана

Өнүгүү» партиясынын мындай аракеттерине каршы реакция катары катуу сөздөрдү айтышты. Алар референдумдун натыйжалары алардын пайдасына чечилбегенин билишсе да, «Адилет жана Өнүгүү» партиясына каршы саясаттарын улантып, касташкан реакцияларын көрсөтүштү. Төмөндө алардын мына ошондой касташкан реакцияларынан мисалдарды көрсөтүп өтөбүз: «Республика Элдик партиясынын» төрагасы Камал Киличдор уулу 13-сентябрда, т.а. референдумдан бир күн өтүп анын натыйжасына байланыштуу билдирүүдө мындай деди: «Калк референдум мезгилинде басым астында калды. Түркия өз жолунда жүргөн соң, эки адамдын бирин ыраазы кылуучу чечимдерди чыгара бериши мүмкүн эмес. Биз, «Республика Элдик партиясынын» мүчөлөрү, саясий күрөшүбүздү токтотпойбуз». «Сабах» гезитинин 2010-жылы 13-сентябрда тараткан кабарына ылайык, бир кездерде «Адилет жана Өнүгүү» партиясын жабуу үчүн сот ишин ачкан жогорку кассациялык соттогу башкы прокурор Абдурахман Йолачин Кала мындай билдирүү берди: «Жада калса, конституция өзгөргөн тагдырда да, биз мыйзамтаануучулар катары укуктук мамлекетти о.э. соттун көз карандысыздыгын коргоо чечимибизден кайтпайбыз».

Буларга кошумча, ушул иштер агымын күзөтүп турган киши конституциялык сот, судья жана башкы прокурорлор жогорку кеңешинин азыркы мүчөлөрү жаңы мүчөлөрдү тандоо аркылуу «Адилет жана Өнүгүү» партиясынын жолуна тоскоолдук коюп, ага каршы абалды курчутууга урунуп жатканына күбө болот. Келечекте да алар конституцияга киргизилген бул өзгөртүүлөр эч кандай пайда бербейт жана анга муктаждык жок деген элести жаратуу үчүн аракет кылышат. Адилет министринин жардамчысы жана кеңешчиси Ибрахим Укур судья жана башкы прокурорлор жогорку кеңешинин мүчөлүгүнө өз талапкерлигин коймокчу экендиги тууралуу билдирүү берди. Бул

болсо, ататүркчүл илманий коом эсептелген эки коомду, т.а. «Демократиялык сот коому» жана «Ярсав коомун» буга каршы реакция билдирүүгө үндөдү. «Миллият» гезитинин 2010-жылы 15-сентябрдагы кабарына ылайык, «Демократиялык сот коомунун» төрагасы Урхан Гозий Эртикан Ибрахим Укурдун өзүн талапкер кылмакчы экендигине каршы мындай деп билдирүү берди: «Аткаруучу бийликтин буйругуна моюн сунган бюрократтар шайлоолордо өздөрүн укук коргоочу кылып көрсөтүүлөрү конституциялык өзгөртүүлөр пакетинин логикасына тескери».

Ошондой болсо да, «Адилет жана Өнүгүү» партиясына оппозициячыл болгон ататүркчүл илманийлер, айрыкча, алар башкаруудан тышкарыда турган соң, канчалык кескин билдирүүлөрдү беришпесин, бул иштердин агымына тоскоолдук коюуга күчү жетпешин жакшы түшүнүп турушат. Ошондуктан, бир тараптан «Адилет жана Өнүгүү» партиясынын саясатына кыжыры келип жатса, экинчи тараптан коомдук пикирде «Адилет жана Өнүгүү» партиясы сунуш кылып жаткан долбоорлор да өздөрүнүн иш пландарына коюлган долбоорлордон болуп эсептелет, деген пикирди жаратууга урунушууда. Ошону менен бирге, «Республика Элдик партиясы» өз жетекчилигинде өзгөрүү жасагандан кийин муслималардын жоолук проблемасы, экономика, Европа Союзу, конституциялык өзгөртүүлөр сыяктуу эл ойлонуп турган маселелерди өзүнүн иш планына киргизе баштады. Бул болсо, ага келе жаткан шайлоолордо көбүрөөк добуш топтоого о.э. коалициялык өкмөткө кирүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мисалы, «Республика Элдик партиясынын» төрагасы Камал Киличдар уулу элди өз партиясынын пайдасына буруууга, элдин добушун чогултууга урунуп жаткан «Адилет жана Өнүгүү» партиясы аракетине тоскоолдук коюу максатында кызуу аракет баштады. Анткени, «Адилет жана Өнүгүү» партиясы калкка, эгер 2011-жылкы шайлоолордо жалгыз

өзү кайра кубатка келе турган болсо, шайлоолордон кийин конституцияны жаңыдан түзүп берүүгө убадаларды берип жаткан эле. Камал Киличдар жөнүндөгү сөзүбүздү «Республика Элдик партиясынын» Брюсселдеги Европа Союзундагы штабында берген билдирүүсү кубаттап турат. Ал 2010-жылы 15-сентябрда «timeturk» сайтында басылып чыккан билдирүүдө мындай дейт: «Биз демократия өз ара жакындык жана маданиятты талап кылат, басым өткөрүү маданияты болсо коомду бөлүп жиберет деп ишенген партиябыз. Эгер, эл аралык негизде конституциялык өзгөртүү жүз бере турган болсо, буга ким эле каршы чыгышы мүмкүн? Биз ушуну каалайбыз». «haberform.com» сайтында да анын 2010-жылы 25-сентябрда «Хуррият» гезитинин кабарчысы Фатих Шекиргага берген интервьюсу басылып чыкты. Ал кабарчынын: «Кандайдыр бир натыйжага жетишүү максатында жаңы конституция үчүн убакыт талап кылынат. «Республика Элдик партиясы» мына ушул убакыттан пайдаланабы, буга кандай жооп бересиз», - деген суроого мындай деп жооп берди: «Биздин бул жаатта да чечимибиз бар. Жаңы конституция үчүн эмнеге шайлоолор өткөнгө чейин күтүп турушубуз керек! Акыры, азыр эле парламентте бардык партиялар чогулсак жана аракетти баштасак болот го».

Кыскасы, президенттик башкаруу, жаңы конституциялык өзгөртүүлөр жана референдум натыйжалары 2011-жылдагы шайлоолорго чейин бийлик менен оппозициячыл партиялар ортосунда боло турган талкуу-тартышууларга түрткү болот көрүнөт. Албетте, «Адилет жана Өнүгүү» партиясын туюнткан американапараст илманий демократтар ушул убакыттан өнүмдүү таризде пайдаланып калышат. Себеби, алар маалымат каражаттарында да, жарандык коом уюмдарда да кең колдоого жана таасирге ээ. Англияпараст ататүркчүл илманийлер болсо, бул убакытты «Адилет жана Өнүгүү» партиясына

зыян жеткирүүгө урунуу менен ийгиликсиз аракет кылышат. Бул ишти алар «Күрдистан Жумушчулар партиясына» жардамчы кошуунду тартуу, же соттун көз карандысыздыгына байланыштуу сөздөр менен билдирүүлөр берүү, же болбосо коомдун негизги маселелерин ортого таштап, бул маселелерге кескин чечимдерди берүү аркылуу ишке ашырат.

**26-сентябрь, 2010-м.**

## Түркиядагы төңкөрүш аракети тууралуу

**Суроо**: *Түркияда наразылык демонстрациялары дагы эле уланууда, бирок, биринчи күндөрдөгүдөй күчтүү толкундоо менен эмес. Бул демонстрациялар 2013-жылы 31-майда Гези паркындагы Таксим аянтында ушул парктагы бактардын кыйылышына каршы наразылык катары башталган. Өкмөт планы боюнча бул парктагы усманийлер дооруна барып такалган казарманы соода жана калк жашаган зонага айлантуу көздөлгөн. Экинчи күнү наразылык демонстрациялары 67 шаарга жайылып, демонстранттар менен бул наразылыкты токтотмокчу болгон коопсуздук кызматкерлери ортосунда кагылышуулар жүз берди. Натыйжада, бир нече киши каза болду, жүздөгөн демонстранттар жана полиция кызматкерлери жараат алышты, жүздөгөн демонстрант камакка алынды. Бул демонстрацияга үгүттөгөндөрдү издеп камакка алуулар бүгүнкү күнгө чейин уланууда. Ко-ош, бул наразылык демонстрацияларынын келип чыгуу себептери эмнеде? Алардын артында ким турат жана бул демонстрациялардан эмне көздөлгөн?*

*Кала берсе, ал жерде дагы бир көңүлдү бура турган нерсе бар, ал да болсо демонстранттар өлкө президенти Абдуллах Гүлгө карата жумшак мамиледе болушканы, Эрдоганга карата болсо катуу мамиледе болушканы. Бул абалда демонстранттар Эрдогандан көрө Абдуллах Гүлгө көбүрөөк ыраазы болуп калды. Ко-ош, бул нерсе Америка демонстранттардын каарын басуу үчүн мамлекет иштерин башкарууда Абдуллах Гүлдү Эрдогандан алга*

*коюу жолун кармануга өткөнүн түшүндүрөбү? Келечекте ушул нерсе күтүлүүдөбү?*

**Жооп**: Жооп анык болушу үчүн төмөндөгү жагдайларды карап чыгабыз:

1 – Түркия премьер-министри Эрдоган ички жана тышкы күчтөрдү, эл аралык массалык маалымат каражаттарын ушул окуяларды күчөтүүдө айыптады. Ал бул демонстрацияларга каршы жана адамдар аны колдоп-кубаттап жатканын көрсөтүү үчүн өзүнүн жүз миңдеген тарапкерлерин 2013-жылы 17-июнда Истамбулдагы Казли чашма аянтына чогултту. Эрдоган Европа Союзунун бул окуяга карата позициясына чабуул кылды. Эрдоган өзүнүн билдирүүлөрүндө ачууланганы, чабуул кылганы көрүнүп турду. Ал демонтранттарды бир ууч бактысыз бузукулар деп атап, алар сүткордук лоббиси менен тил бириктиришүүдө, тышкы күчтөрдүн колундагы ишке салынып жаткан бир курал деди жана башка айыптоолорду жабыштырды. Бул болсо ага каршы мамилени жана кыжырданууну дагы да күч алдырды. Эрдоган жүз берип жаткан ар бир нерсеге жана аларды кылып жаткандарга каршы ачуусун билдирип турду. Анткени, ал мындай иштин жүз беришин күтпөгөн эле. Ошондуктан, бул окуялар ал үчүн күтүлбөгөн абал болду жана ал бул окуялар араб өлкөлөрүндөгү козголоңдорго окшош нерсеге айланып кетишинен, натыйжада Америка анын аты менен араб дүйнөсүнө жан үрөп үгүттөп жаткан аброюна жана илманий демократиялык үлгүнүн аброюна шек кетишинен коркуп калды.

2 – Түрк премьер-министринин жардамчысы Бекир Боздаг да демонстранттарга чабуул кылып, аларга жана оппозициячыл күчтөргө айыптоолорду жаадырып мындай деди: «Гези багындагы демонстрацияларда катышып жаткандар 2007-жылдагы демонстрацияларда катышып жаткандардын дал өзү. Ошондо алар «армияны өз милдетин аткарууга» т.а. төңкөрүш жасоого чакырышкан. Алар «Республикалык Элдик партия», «Тынчтык жана демократия партиясы» жана «Жумушчулар партиясынын» мүчөлөрү болуп, алар солчулдук чүмбөтүнөн пайдаланышууда». Бекир

Боздаг бул нааразылык демонстрациялары элдик аракет экендигин четке какты. Анын айтымында, мунун артында ички жана тышкы күчтөр турат. Ал: «Бул демонстрациялар дүйнөдөгү капиталисттик мекемелер тарабынан камсыздалып, ушул мекемелердин пайдасына иштеп жатканда алар кантип капитализмге каршы экендиктерин айтып жатышат?», – деген суроо салды. Анын айтышынча, анын өкмөтү доорунда алавийлерге биринчи жолу расмий түрдө кайрылуу жасалган. Негизи, алардын диний ырасымдары жана ибадатканаларына Республикалык Элдик партия доорунда «кемелчи» ыңкылап мыйзамдарын колдонуу себептүү тыюу салынган. («Радикал» гезити, 2013-жыл, 21-июнь). Бекир Боздагдын айтымында, бул демонстрацияларда катышкандар 2007-жылдагы демонстрацияларда катышып жаткандардын дал өзү. Бирок, ал демонстранттар демонстрацияны алдын ала пландаштырышты деп айтпады. Ал солчул, либерал жана социалисттик багыттагы бардык оппозициячыл партияларды айыптоодон бул козголоңдорду элдик түсүнөн алыстатып, алар расмий саясий оппозициядан эле турат деп көрсөтүүнү көздөдү. Ошондуктан, түрк ички иштер министри Муаммар Гюлер мындай деди: «Бул жерде адамдарды иш таштоо сыяктуу мыйзамсыз нерселер аркылуу көчөлөргө чыгарууга тукурушмакчы. Мен баса белгилемекчимин, биз бул нерсеге жол бербейбиз». Ал дагы мындай деди: «Бул демонстрациялар эмнеге катуу аракет менен улантылып жатканын түшүнүү кыйын». (АФП, 2013-жыл, 17-июнь). Ал муну жүз миңдеген жумушчулар жана мамлекет кызматкерлеринин эки ири борбордук профсоюзду жамдаган профсоюз ассоциациясы жумушчуларга каршы полиция тарабынан жасалган зомбулук иштерин каралоо үчүн Түркия бойлоп иш таштоого чакыргандан кийин айтты. Т.а. ички иштер министрлиги бул жерде ушул окуялардан белгилүү бир максаттарда пайдаланып, алардын уланышын каалап жаткан күчтөр бар демекчи.

3 – Бийлик бул окуялар олуттуу түрдө өнүгүп кетишинен коркуп кеткени байкалып турду. Ошондуктан, премьер-министр орун басары Бюлент

Аринч мындай дешке мажбур болду: «Полиция бул демонстрацияларды токтотуу үчүн болгон күчүн жумшайт, эгер бул жетиштүү болбосо шаарлардагы түрк куралдуу күчтөрүн ишке салышыбыз мүмкүн». (Рейтер, 2013-жыл, 17-июнь). Ошол эле учурда, Эрдоган да демонстранттарды минтип опузалады: «Биздин сабырыбыз түгөнө баштады. Мен силерди акыркы жолу эскертемин». (Түрк расмий телевидениеси, 2013-жыл, 13-июнь). «Хуррият» гезити 2013-жылы 21-июнда жазышынча, премьер-министр Эрдоган президент Абдуллах Гул менен жолугушкан, кийин коопсуздук кызматынын башчысы Хакан Фидан менен да жолугушуп, башкы штаб башчысы Наждат Озал менен чукул жыйын өткөргөн. Бул жолугушуулардын баардыгы 2013-жылы 21-июнда болуп өттү. Эрдоган бул жолугушууларда демонстрациялар маселесин талкуулады. Бул болсо, Эрдоган эгер бул демонстрациялар толук басылбаса, терс акыбеттерге алып келишинен коркуп калганына далалат кылат. Себеби, бул демонстрациялардын башталганынан 3 апта өттү жана бүтүндөй токтободу. Ошондуктан, 2013-жылы 25-июнда улуттук коопсуздук кеңешинин жыйыны өткөрүлүп, анда бул демонстрацияларга каршы күрөшүү жолдору үйрөнүлө турган болду.

4 – Муну менен бирге түрк республикасынын президенти Абдуллах Гүл позициясы токтоо болду. Ал демонстранттарды түшүнөрүн билдирди. Бул болсо ага колдоп-кубаттоону алып келди. Анткени, Абдуллах Гүл «демократияны» мактап, аны «коомдун эң чоң байлыгы» деп атагандан кийин Таксим окуялары туурасында өкүнүүсүн билдирип: «Бул окуялар кабатырланта турган даражага жетти. Ошондуктан, биз баарыбыз тынчсыздандырган бул демонстрациялардын басылышы үчүн токтоо болуубуз керек». Ал «ушул таңда премьер-министр менен, өкмөт жана мамлекеттин башка жооптуулары менен жолугушуп, алар менен биргеликте ушул нерсени талкуулаганын» айтып: «Биз демонстрацияны өзүбүзгө ылайыктуу ыкма менен тынчтандыруу үчүн талкууладык», - деди. («Стар» гезити, 2013-жыл, 1-июнь). Ал бул билдирүүдө өкмөт жана анын башчысын

назарга алууда. Т.а. ал өкмөт жана анын башчысын демонстрацияларды басуу үчүн токтоолук менен аракет кылууга чакырууда. Мына ушул окуялардан кийин Эрдогандын президентке жакындашуусу байкалды. Себеби, акыркы убактарда экөөсү ортосунда бир аз солгундук бар экени көзгө ташталып калган эле. Ошондуктан, Эрдоган 2013-жылы 21-июнда Кайсери шаарына жасаган сапарында – анын партиясы бул шаарда адамдар Эрдоганды дагы колдоп-кубатташы үчүн чоң массалык жыйын уюштурган – бул шаар калкын мактап: «Кайсери – боордошум Абдуллах Гүлдүн шаары», - деди. Анын бул сөздөрү Абдуллах Гүл менен келишим түзүүгө болгон бир аракет деп каралды. Анткени, Абдуллах Гүл айткан сөздөр Эрдоган айткан сөздөргө тескери башка багытта бара жаткан.

5 – Эми, Республикалык Элдик партиянын позициясы жөнүндө айта турган болсок, бул партия козголоңдорго алакасы жоктугун билдирди. Себеби, бул партиядан шайланган депутат Эрдал Аксюнгер «анын партиясы бул демонстрацияларды уюштурбай жатканын, тескерисинче, түрк жаштары бул демонстрацияларга чакырып жатканын, анткени, бул жаштар Эрдогандын адам эркиндиктерине кол салып жаткан чечимдеринен тажашканын» баса белгиледи. («Скай Ньюс Арабия», 2013-жыл, 4-июнь). Демек, Республикалык Элдик партия бул наразылык демонстрацияларын алкыштабай, аларга жетекчилик кылууга аракет кылбады, анын жооптуулары жарыя кылгандай бул демонстрациялардагы зомбулук иштеринин жоопкерчилиги өз мойнуна түшүп калышынан кооптонуп, бул демонстрацияларда анын байрактары көтөрүлүп чыгышына тыюу салды. Бирок, бул партия оппозициячыл партия катары бул демонтрациялардан өз пайдасы үчүн пайдаланып калууга аракет кылды.

6 – Америка позициясы. Америка мамлекеттик департаментинин өкүлү Женифер Псаки мындай деп билдирди: «Түркияда туруктуулук, тынчтык жана өнүгүүнү камсыздоонун эң жакшы жолу сөз эркиндиги, жыйын өткөрүү эркиндиги жана коомдор түзүү эркиндигин колдоп-кубаттоо.

Көрүнүп тургандай мына ушул адамдар бул эркиндиктерден пайдаланып келишкен». Америка «бул демонстрацияларда жарааттанган адамдар тууурасында тынчсызданүусун» билдирди. («Ал-Жазира», 2013-жыл, 1-июнь). Американын Түркиядагы элчиси Фрэнсис Рикардоне болсо бийликтеги «Адилет жана Өнүгүү» партиясынын Анкарадагы штабын зыярат кылгандан кийин мындай деди: «Түркия Кошмо Штаттардын досу жана союздашы. Ал оор учурларда жана кыйын абалдарда да ушундай болуп кала берет». Ал дагы мындай деди: «Бул жерде Түркия менен Кошмо Штаттар ортосунда демократиялык принциптер тууурасында айырмалар жок». («Миллият» сайты, 2013-жыл, 20-июнь). Америкалыктар Эрдоганды колдоп-кубаттоолорун билдиришти. Акыйкатта болсо, алар сөз эркиндигин жана өз көз карашын билдирүүнү каалаган коомдорду түзүү эркиндигин колдоп-кубаттоолорун айтып келишкен. Бирок, Американын «Кристиан Сайнс Монитор» гезити 2013-жылы 4-июнда бул окуяларга түшүндүрмө берип минтип жазып чыкты: «Ражаб Тайийб Эрдогандын исламий багыттагы партиясынын дагы да күчөп жаткан диктатордук башкаруусуна каршы Түркиядагы тынч наразылык демонстрацияларын козголоң эмес, ондоп түзөө демонстрациялары десе болот. Бул демонстрациялар демократияны куткаруу үчүн аракетке келип жаткан эч бир жетекчиликсиз кайраттуу козголоң экенин түшүндүрүп турат». Демек, америкалыктар кудум Ислам дүйнөсүнүн башка өлкөлөрүндө кылышкандай Түркияда жүз берген ар кандай аракетти бууп таштоо максатын көздөшкөн. Максат, бул демонстрациялар көзөмөлдөн чыгып кетишине жол бербөө. Ошондуктан, алар ар кандай демократиялык аракетти кабыл алышат, демократияга моюн сунбаган кимселерди болсо – бул кимселер өздөрүнүн малайларынан болсо да – сындашат. Муну менен алар дүйнөгө жетекчи экендиктерин далилдемекчи болушат жана абал көзөмөл астынан чыгып кетпешине урунушат. Ошондуктан, алар ар кандай каршылыкты кысымга алып, өздөрүнүн нугуна салууга аракет кылышат. Айрыкча, Түркияда Америка саясатын колдоп-кубаттаган жамааттар о.э.

жазуучулар жана журналисттерден турган адамдар бар болгону үчүн америкалыктар ушундай жол тутушат. Бул кимселер Эрдоганды колдоп-кубаттап келишкен. Бирок, белгилүү бир убактан бери алар Эрдоганды сындап башташты жана диктатор деп атай башташты.

7 – Европа позициясына келсек, бардык Европа мамлекеттери эч бири калбастан, эң оболу Британияны о.э. анын расмий маалымат каражаты ВВС Эрдоганды сындап чыгышты. Бардык Европа маалымат каражаттары, ал тургай, чет элдик саясат кабарларына алакасы жок жергиликтүүлөрү да бул окуяларды чоң этибар менен күзөтүштү жана Эрдоганга о.э. анын өкмөтүнө каршы позицияда туруп, демонстрацияларды колдоп-кубаттады. Европа Союзунун мамлекеттери Брюсселде «полициянын тынч жана мыйзамдуу жол менен демонстрация өткөрүп жаткан адамдарга каршы өтө зомбулук менен аралашуусуна терең тынчсыздануу билдирип Түркияны тынч жол менен демонстрация өткөрүп жаткандарга каршы катуу чараларга таянуу акыбетинен эскертти». (Дунйа хаберлери, 2013-жыл, 20-июнь). Түркия тышкы иштер министри Давуд Углу Европа мамлекеттеринин бул билдирүүсүн сындап: «Бул билдирүү бизге жетип келген убакта аны дароо четке кагабыз», - деди. (Жогоруда булак). 2013-жылы 21-июнда болсо Германия Түркия элчисин чакырып, андан түрк полициясы демонстарнттарга карата колдонгон репрессия жөнүндө түшүндүрмө берүүнү талап кылды. Бул болсо Германиянын түрк бийлигине каршы демонстранттарды колдошунун дипломатиялык көрүнүшү болуп эсептелет. Немис канцлери ушул репрессияны өтө ырайымсыз деп баалады. Түркия буга каршы раддия билдирүү үчүн Германия элчисин чакырды. Германия жана Голландия ушул репрессия себептүү Түркиянын Европа Союзуна кошулуу жаатындагы сүйлөшүүлөрүнүн жаңы раундунун ачылышына каршылык кылды жана Германияда алавийлер уюштурган демонстрациялардын өткөрүлүшүнө уруксат берилди. Бул болсо, Европа ушул окуялардан жана алавийлерден Түркияга каршы пайдаланмакчы болгонуна далалат кылат. Буга себеп

Түркиянын Америка саясатына көз каранды. Европа Түркиянын Европа Союзуна кошулушун четке кагышын актоо үчүн о.э. Түркия алдына жаңы тоскоолдуктарды коюу үчүн ушул окуялардан пайдаланды.

8 – Алавийлер деп аталып жаткандардын маселеси пайда болду. Алардын көбү солчул, же коммунисттик, же либерал жана демократиялык, же кемелчи уюмдардын курамына киришкен о.э. азыркы учурда бир алавий башчылык кылып жаткан Кемелчи элдик партиясынын курамына да киришкен. Т.а. алар Исламга каршы болгон ар кандай кыймылдын курамына киришет жана Исламга же усманий мамлекетке байланыштуу ар кандай нерсеге каршы нааразылык билдирүү үчүн ар кандай учурду канимет билишет. Ошондуктан, алавийлер Ислам мамлекетине каршы чыкмакчы болушканда бул султан аларды куугунтуктаган деген шылтоо менен алар үчүнчү асма көпүрө «Султан Салим I» көпүрөсү деп аталышына каршы турушат. Бийлик бул көпүрөнү Босфор үстүнөн курууга аракет кылууда. Президент Абдуллах Гүл буга ишарат кылып «Истамбулдагы үчүнчү асма көпүрөгө султан Салим Iнин аты берилишине карата айрым бир назиктикти көрүп жатканын» айтып «өздөрү (т.а. мамлекет) алавий тайпасынын чоңдорунан эсептелген Пир Султан Абдал жана Хажи Бекташ Валий аттарын келечекте Түркиядагы кээ бир долбоорлорго беришмекчи экенин» көрсөтүп өттү. (Түрк Жайхун маалымат агенттиги, 2013-жыл, 19-июнь). Демек, Абдуллах Гүл нааразылык аракеттерине карата токтоо позицияны көрсөтүүгө урунду.

9 – Айрымдар Иранды ушул окуяларды чыгарууда кандайдыр бир деңгээлде роль ойногону менен айыптады. Ошондуктан, мамлекет ушул окуяларды күч алдырууда деп айыптаган ирандыктарды издей баштады. Ал жерде Иранга каршы болгон алавийлер да бар. Мисалы, «түркмөн, түрк, бекташия, алавийлер коомунун» башчысы Оздемир Оздемир мындай деди: «Иран айрыкча акыркы үч жылда Түркияда суннийлер менен алавийлер ортосунда тайпачылык күрөшүн чыгаруу үчүн аракеттерин дагы да күчөттү».

Оздемир Таксим демонстрацияларын ушул сценарийди ишке ашырууну көздөгөн окуялардын бир бөлүгү деп атады. Ал дагы мындай деди: «Тегеран Истамбул, Анкара жана Измирдеги 4 алавий коомдору аркылуу бүлдүргүч планын ишке ашырууда». (Жайхун агенттиги, 2013-жыл, 20-июнь). Эрдоган Кайсериде өзүнүн тарапкерлери алдында бул маселеге ишарат кылып мындай деди: «Бул жерде алавийлер үстүндө кооптуу оюнду ойномокчу болуп жаткандар бар. Республикалык элдик партия мына ушул ыплас оюнду чыгарууда негизги ролду ойноодо. Себеби, Республикалык элдик партиянын башчысы жана ушул партиянын парламенттеги айрым мүчөлөрү бул оюнда негизги ролду ойношууда. О.э. Түркия сыртындагы айрым булактар да бул ыплас оюнда роль ойноодо». Эрдоган: «Бул жерде Гези паркы окуяларын чечүү үчүн биз ортого салган чечимди бузмакчы болуп жаткандар бар. Алар бул окуяларды күч алдырууну, узакка созууну жана полиция кызматкерлерине карата ок атууну каалашууда», - деди. Эрдоган Республикалык элдик партияга жана солчулдарга кайрылып алардын туруксуз абалды чыгарып жатышканын жана мыйзамсыз террорчу, экстремисттик аракеттерге ээрчип жатышканын айтты. (Миллият, 2013-жыл, 21-июнь). Өзүн «кызыл каракчылар» деп атап жаткан бир солчул уюм Твиттерге твиттерди жиберүү жоопкерчилигин өз мойнуна алганын жарыя кылды. Полиция 5 миллион твиттин жиберилишин текшерүүдө. Түрк премьер-министринин орун басары Бюлент Аринч буга түшүндүрмө берип мындай деди: «Социалдык тармактардан кылмыш жана зомбулукка тукуруу үчүн пайдаланылууда. Ошондуктан, тыйып коюучу чаралар көрүлөт». (Ю-Пи-Ай, 2013-жыл, 20-июнь). Ал жерде бул окуялардан пайдаланып калууда Иран үчүн пайда бар. Ошондуктан, Иран алавийлер менен байланып, аларды өз көзөмөлүнө салууга аракет кылууда. Иран өзүнүн кызыкчылыктарына жетүү үчүн башка күчтөр менен да байланышып, аларды өзүнө оодурууга аракет кылууда, колдоп-кубаттоочуларды табууда. Бирок, бул нерселер Иран түрк бийлигин кулатуу үчүн негизги ролду ойношуна жана бирер олуттуу иш

кылуусуна жетпейт. Белгилүү болгондой, Ирандын түрк бийлиги менен болгон алакалары жамандашпады. Себеби, алардын ортосундагы алакалар жаман эмес жана дагы эле улануудa. Эки мамлекет ортосунда күчтүү соода байланыштары да бар. Кала берсе, Түркия жана Иран экөөсү тең Америкага көз каранды.

10 – Исламий деп эсептелген жана Америка саясатын колдогон айрым жамааттар тарабынан Эрдоганды сындоолор күзөтүлдү. Мисалы, бул жаматтардын жазуучулары Эрдоганды өзү менен сыймыктанбай насааттарга т.а. алардын насааттарына кулак салышы керектигин айтышты. Алар Абдуллах Гүлдү жупуну демократ деп аташты. Көрүнүп тургандай, бул жамааттар, түрк көчөсүндө «Фатхуллах Гулан жамааты» деп таанылган белгилүү бир жамаат бул өкмөт доорунда жетишкен чоң кызыкчылыктарын сактап калмакчы жана дагы да көбүрөөк кызыкчылыктарга ээ болмокчу. Бул жамааттардын мындан башка камылгасы жок. Бул жамааттар эки жыл мурун өзүнө таандык болгон адамдарды 2011-жылы 12-июндагы шайлоолордо шайлоо талапкерлигине көрсөтүүгө аракет кылган. Бул нерсе ишке ашпаган соң, алар Эрдоган саясатын сындай башташты, сындап эле калбастан, өкүмдар партияны колдоп-кубаттоону токтотуу менен коркута да баштады. Эрдоган бул жамааттарга тарапкер кээ бир коопсуздук жооптууларын вазыйпасынан бошотту. Себеби, ал бул жамааттар барган сайын терең кирип барып мамлекет мекемелери үстүнөн дагы да көбүрөөк өкүмдар болуп алышын, натыйжада Эрдоган бул жамааттардын ырайымына муктаж болуп калышын, анын позициясы бул жаматтар каршысында күчсүздөнүп, бул жамааттар ага өз өкүмүн өткөрө башташын каалабады. Ошондуктан, Эрдоган бул жамааттардын канатын кыркып коймокчу болду. Бул жамааттар өз курамына көптөгөн адамдарды бириктирген болсо да, бирок, алар бирер чоң саясий абройго ээ болууга күчсүздүк кылат. Себеби, алар саясий кыймыл эмес, ошондуктан, саясий иш менен алектенбейт. Бирок, бул жамааттар материалдык кызыкчылыктарга жетүү, мүчөлөрүнүн санын көбөйтүү, бул

мүчөлөрдүн көбүн мамлекет мекемелериндеги мансаптарга алып келүү сыяктуу кызыкчылктарына жетүү үчүн саясий иштен жана партиялардан пайдаланып калат. Муну менен бирге, Эрдоган партиясы ушул шайлоолордо көпчүлүк добуш менен үстөм чыкты. Ал тургай, ага берилген добуштар көрсөткүчү 50%га жетти. Акыркы окуялар жүз бергенде бул жамаат жана анын жетекчиси кудум өч алуу үчүн ыңгайлуу учур аңдып турушкандай премьер-министрди түздөн-түз же кыйыр түрдө сындашты. Эрдоган Америкага өткөн айда жасаган сапарында «өзүнүн орун басары Бюлент Аринч бул жамааттын Америкада жашап жаткан жетекчисине аны менен учурашуу үчүн кат жибергенин, мындан максат экөөсү ортосундагы өтмүшкө барып такала турган боордоштук жана достук алакасы жөнүндө тарап жаткан терс имиштерге чек коюу экенин» айтты. (Түркиянын «Актуал хабар» сайты, 2013-жыл, 19-май). Эрдоганга: «Абдуллал Гүл мырза жаңы конституцияны иштеп чыгууга үмүт жоголду деп айтты, сиз да бул нерсеге үмүттү жоготтуңузбу?» – деген суроо берилгенде ал мындай деп жооп берди: «Мен ачык жооп беремин, мен да үмүттү жоготуп бара жатам. Биз президенттик түзүм маселеси боюнча талкуу эшигин ачууну каалайбыз». Эрдоган оппозицияга чабуул кылып, мына ушул теманы талкуулоодон качып жатканын айтып: «Алар эмне үчүн бул түзүмдөн коркуп жатышат?» - деп суроо салды. Эрдоган дагы мындай деди: «Эгер бул нерсе ишке ашпаса, бизде конституция долбоору бар жана биз «Б» планына өтөбүз» т.а. Эрдоган өз партиясынын добуштары менен чектелүүнү жана толук кворумга жетүү үчүн айрым добуштардын табылышын айтып «конституция боюнча элдик референдумга баруу үчүн парламенттеги 330 добушка муктаж экенин, бирок, өзүнүн партиясы парламентте 226 орунга ээ экенин» айтты. Эрдоган партиясынын мүчөлөрү буга добуш бербешинен кабатырда экенин, себеби, добуш берүү жашыруун болушун билдирди. Ал, эгер зарыл добуштар саны жүзөгө келсе 2014-жылы 3 тармакта: жергиликтүү шайлоолорго, президенттик  шайлоого жана конституция боюнча элдик референдумга

барышын айтты. Көрүнүп тургандай, Америка президенттик түзүмгө тиешелүү конституциялык өзгөртүүгө көп деле көңүл бурбай калган. Себеби, Америка учурда армия командачылыгы үстүнөн арзуу кылып келген өкүмдарлыкка жетишти. Кала берсе өлкө президенттиги да анын колунда, өкмөт жана анын башчысы да анын колунда, сот үстүнөн жана башка бийлик жана мекемелери үстүнөн да өкүмдарлык кыла баштады. Ошондуктан, Америка конституциялык реформа өткөрүү үчүн өзүнүн малайларына басым өткөрүшүнө кажет жок.

11 – Булардын баарынан айкын болгондой, бул нааразылык демонстрациялары өз-өзүнөн башталды. Ошондон кийин Эрдоганга оппозицияда болгон түрдүү саясий багыттардагы кимселер бул демонстрациялардан пайдаланышты. Ошондуктан, бул демонстрациялардын алдын ала пландаштырылып даярдалганы байкалбай жатат. Ал жерде Эрдоганга каршы аны кулатуу жана андан өч алууга аракет кылуу үчүн аңдып жаткан көптөгөн кимселер бар. Айрыкча, англистердин адамдары дал ушундай учурду күтүп турушат. Себеби, алар тазалоолордон зыян көрүштү. Алардын көпчүлүгү камактарга алынды. Мындан тышкары ал жерде илманий багыттагы адамдар да бар, алардын түшүнүгү боюнча Эрдоган исламчы эсептелип, Исламдын кайтышына аракет кылууда. Алар анын илманийлигин бийликте калуу үчүн бир мунафыктык жана чүмбөт деп эсептешет. Айрыкча, бул кимселер Исламды түшүнүшпөгөнү үчүн Эрдоган өкмөтү кээ бир дин көрүнүштөрүнө уруксат берүүдө, бул болсо алардын күмөндөрүн тастыктоодо, деп ойлошот. Алар Эрдоган Халифалык даъватчыларына жана Исламды өкүмдар кылууга каршы күрөшүп жатканын, динге моюн сунууну илманийлик уруксат берген даражада гана жол коюп жатканын түшүнүшпөйт.

12 – Бул нааразылык демонстрациялары режимди өзгөртө турган козголоңго айланып кетиши божомолдон алыс. Анткени, демонстранттар белгилүү бир багыттагы кичине секторго таандык адамдар болуп эсептелет.

Өлкө калкынын жарымы Эрдоганды колдоп-кубаттайт, оппозициянын жарымы болсо демонстранттарга кошулушу ыктымалдан алыс. Себеби, бул оппозиция солчулдукка таандык эмес, тескерисинче ал солчулдукка каршы. Ошондуктан, алар демократтардын аныктамасы боюнча оңчулдарга таандык. Солчул оппозициячыл партиялар болсо бул нааразылык демонстрацияларын толук колдогон да, аларды улантууга аракет кылган да жок. Алардан добуштарга ээ болуу үчүн гана пайдаланууга аракет кылды. Демек, бул нааразылык демонстрациялары тар сектор адамдарына гана чектелип кала берет, андан ары өтпөйт. Бул демонстрациялар маалымат каражаттары, өзгөчө Европа маалымат каражаттары жана ага көз каранды маалымат каражаттары тарабынан ашыра көрсөтүлдү. Европалыктар мындан Түркиянын Европа Союзуна кошулушуна каршылык кылып жатышканын актоону көздөштү. Кала берсе, англистер мындай аракеттерден Эрдоган позициясына зыян жеткирүү үчүн пайдаланууга аракет кылууда. Анткени, Эрдоган алардын малайларын жок кылууга аракет кылды, аларды камактарга салды жана армия командачылыгынан алыстатты. Кандай болбосун, бул окуялар жана Эрдогандын, өкмөттүн ушул окуяларга карата аракети түрк демократиялык илманий үлгүсүнүн аброюна зыян жеткирди. Эрдоган Исламдын башкарууга кайтышына жол бербөө үчүн бул үлгүнү жан үрөп мактап келе жаткан жана Америкага кызмат кылып, аны ыраазы кылуу үчүн бул үлгүнү исламий дүйнөгө киргизүүгө аракет кылып келе жаткан. Эми болсо бул үлгү аброюна зыян жетти. Натыйжада, ал жасалма аброй экендиги, бул илманий демократиялык түзүм диктатордук түзүм экени жана бул түзүм өзүнө каршы чыккандарга каршы зомбулук кылууга даяр экени айкын болуп калды. Белгилүү болгондой, бул түзүм Халифалыкка жана Аллахтын шариятын өкүмдар кылууга даъват кылып жаткандарга зомбулук кылууда. Акыйкатта болсо, бул мусулмандар пикирий жана саясий даъватты гана көтөрүп чыгып, зомбулук жолуна таптакыр өтүшпөгөн. Ушундай болсо да, режим аларды камакка таштап, аларга карата көчөлөрдө жана аянттарда

зомбулук кылып жаткандардын жазасынан оор жаза-чараларды колдонууда. Жергиликтүү жана эл аралык маалымат каражаттары муну жашырып, ачыктабоо саясатын карманууда. Себеби, бул нерсе Исламга тиешелүү болгону үчүн аны көрсөтүү алардын кызыкчылыгына кызмат кылбайт. Ошондуктан, бул маалымат каражаттары бул нерселерге карата эки жүздүүлүк менен мамиледе болууда. Америка пайда болушу мүмкүн болгон ар кандай аракетти бууп көзөмөлгө алуу үчүн жана өзүнүн бул өлкөдөгү таасирин сактап калуу үчүн, Эрдоганга айрым сын пикирлерди айткан болсо да, бирок, андан баш тартканы күзөтүлбөдү. Тескерисинче, аны колдоп-кубаттады.

13 – Америка демонстранттар ачуусун басуу үчүн мамлекет иштерин башкарууда Абдуллах Гүлдү Эрдогандан алга коюу жолун кармана баштады деген сөзгө келсек, бул туура эмес. Тескерисинче, Эрдоган Американын Абдуллах Гүл ишке ашыра албаган кызыкчылыктарын жан үрөп ишке ашырып келүүдө. Түпкүлүгүндө, экөөсү тең Америка малайы эсептелип, Америка алардын ар бирин ылайык көргөн орунда ишке салат. О.э. Американын наразылыктар маселелерин чечүүдөгү саясаты «Американын текебердиги» себептүү токтоолукка эмес, ырайымсыздыкка ыктайт. Эгер, абал Американын колунан бүтүндөй чыгып кете турган болсо мунун тескериси болот, азыркы окуялар болсо бул даражага жете элек. Демек, Эрдогандын да, Абдуллах Гүлдүн да позициясы азыркы учурда Америка кызыкчылыктарына дагы эле ылайык болуп калууда, жакын келечекте ушундай болуп калат. Ал эми, келечекте күтүлө турган нерсеге келсек, биз – Аллахтын уруксаты менен – кырдалды күзөтүп турабыз. Эгер, бизге түрдүү түстөгү жаңы нерселер көрүнсө, анда ар бир окуя жөнүндө өзүнчө сөз болот.

Биз Аллах Субханахудан Түркияда акыйкаттын акыйкаттыгын жана батылдын батылдыгын көрсөтүп, даъватты көтөрүп чыгып жаткандарга жардам беришин, Үммөт дилдерин алар менен жана алар себептүү жамдап бириктиришин сурайбыз. Натыйжада, Халифалык дагы нур таратып, 90 жыл

мурун коштошкон бул өлкөгө дагы кайтат. Ошондо колонизатор кафирлердин таасиринин күнү бүтөт жана бул таасирдин күнү бүтүшү менен кафирлердин малайларынын күнү да бүтөт жана «Исламбулда» Халифалык үстөм болот. Бул болсо Аллахка таптакыр кыйын эмес.

**12-шаъбан 1434-х**

**21-июнь, 2013-м.**

## Түрк-орус жогорку даражадагы жолугушуусу

**Суроо:** *Түркиядагы ийгиликсиздикке учураган төңкөрүш жасоо аракеттери дагы эле аягына жете электе түрк президенти Эрдоган 2016-жылы 9-августта Россияга сапар кылды. Ушундай болгон соң, бул шашылуунун себеби эмне? Бул сапардан кандай максат көздөлгөн? Айрыкча тышкы иштер министрлиги, армия жана атайын кызмат өкүлдөрү Россияга келгендиги этибарды тартат? Бул сапардын Сирия кризисине алакасы барбы? Же андан орус самолёту атып түшүрүлгөндөн кийин зыян жеткен түрк-орус алакаларын «оңдоо» көздөлгөбү? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.*

**Жооп:** Бул шашылыш сапарбын себептерин жана андан көздөлгөн максатты билүү үчүн төмөндөгү иштерди карап чыгабыз:

1 – Бул сапар жөнүндө 2016-жылы 15-июлда төңкөрүшкө урунуудан мурун сөздөр болгон эле. Негизи, эки президент ортосундагы жолугушууну 2016-жылы сентябрь айында Кытайда өткөрүлө турган жыйырмалык саммитинде өткөрүүгө келишилген. Бирок, орус президенти Путин менен түрк президенти Эрдоган жолугушуусу август айында шашылыш өткөрүлдү. Себеби, башка жүгүртөк куралдардын (Иран, Россия... жана башкалар) аракети оңунан чыкпагандан кийин Америка Түркияны бир күчтүү курал катары чечим чөйрөсүнө тезирээр алып кирүүгө кызыкдар. Ошондуктан, түрк тышкы иштер министри эки президент ортосундагы жолугушуу эртерээк, август айында Россияда өткөрүлүшүн билдирди. «Интерфакс агенттиги түрк тышкы иштер министринин сөздөрүн келтирди, министр орус президенти

Владимир Путин менен түрк президенти Ражаб Таййиб Эрдоган августта Сочиде жолугушарын айтты...». (Арабийя нет, 2016-жыл, 1-июль). Сапар темасы «өз ара жарашуу» алкагында талкууланган. Түркия Сирия кризисин Америка саясатына ылайык чечүүдө роль ойномокчу. Биз муну 2016-жылы 14-июлда чыгарган суроо-Жоопузда айкындаштырып берген элек. Ошол суроо-жоопто мындай делген: «... Америка Түркиянын азыркы ролунан пайдаланып Сирия оппозициясына күчтүү басым өткөрүп, аны Женева багытына жана тынч чечимге кайтууга мажбур кылмакчы. Бул планда оппозицияны Сирияда «согуштук аракеттерди» токтотуу туурасында 2016-жылы 27-февралдагы Россия-Америка келишимине амал кылууга мажбурлоо да камтылган... Эгер, Сирия оппозициясы сүйлөшү багытына кошулууну четке какса, бул оппозициядан баш тартуу туурасында коркутуу да бар. Америка түрк-орус кызматташтыгын көрсөтүү аркылуу опузаламакчы. «Орус тышкы иштер министри: «Биз орус жана түрк армиялары ортосунда Сирия жаатында кызматташууга үмүт кылабыз»»». (Арабийя нет, 2016-жыл, 2-июль)... Ошентип, Түркия орустардын Сирияга аралашуусуна каршылык кылбай турган болду. Анткени, Түркия террордук чабуулдарга учуроодо. Ошондуктан, Сирия оппозициясы «террорчу жамааттарга» каршы – Америка, Россия, Түркия каалап жаткандай – күрөшүүгө киришүүсү керек. Түркиянын бул коркутуусу оппозициянын ушул бөлүгүнө таасир кылат. Анткени, оппозициянын бул бөлүгү Түркиядан дале жардам үмүт кылууда, Эрдоган экинчи Хамага таптакыр жол бербейт деп ишенүүдө жана Түркия менен болгон байланыштарын улантууда. Ошондуктан, Америка ушул жамааттар режим менен сүйлөшүүлөргө барышына үмүт кылууда... Түркия «Мамлекет уюмунун» терроруна каршы согушуп жатканын шылтоолоп саясий каражаттар менен басым өткөрүүдөн аскерий каражаттарга өтүшү да ыктымалдан алыс эмес. Т.а. Түркия да Россия оппозицияны бомбалоодо пайдаланып жаткан шылтоодон пайдаланат! Орус тышкы иштер министринин орус жана түрк арамияларынын кызматташуусу жөнүндө

айткан сөздөрү ушул ыктымалга далалат кылат...». Ошол суроо-жоопто ушуларда да кошумча кылынган: «...Обама демократ өтмүшдөшү Билл Клинтон аракет кылгандай аракет кылмакчы. Клинтон президенттигинин акыркы жылында «Палестина Азаттык уюмун» менен яхудийлерди чогултуп Палестина маселесин чечүү боюнча сүйлөшүү өткөрүүгө болгон күчүн жумшаган. Клинтондун бул аракети ийгиликсиз чыккан болсо да, бирок ал Абу Аммар менен Эхуд Баракты бир жерге чогултууга жетишкен... Азыр Обама Сирия оппозициясы менен Сирия режимин сүйлөшүү алып баруугa чогултуу үчүн болгон күчүн жумшоодо. Обама муну менен президенттигинин акыркы жылында айтууга арзый турган ишти жасаганын көрсөтмөкчү. Бирок, Клинтон менен Обаманын аракетинин ортосунда айырма бар: Клинтондун аракет күчү анын малайлары алдында көрүнгөн болсо, Обама өз малайлары жана жүгүртөктөрү жардамында аракет кылууда жана анын аракеттери ушул малайлардын артында турат! Ошондуктан, Америка Обама доорунда майлайларына көбүрөөк таянууда. Америка Иранга жана анын топторуна таянат, Ирандан кийин Россияга таянды. Ал эми, Америка Сирияда дагы туңгуюкка кирип калганда Эрдоганга Россия менен жарашууну буйруду... Иран жана орустардын Сириядагы аралашуусу туңгуюкка кептелип калгандан кийин Америка Түркияны Иран жана Россия тарапка багыттоого шашылды. Америка ушул аркылуу өзүнүн Сириядагы таасирин сактап калмакчы жана Сирия козголоңунун Исламий абалына чекит коймокчу... Ошентип, Сирияны күнү-түнү бомбалап жаткан Россия «Сирияда терроризмге каршы күрөшүүдө» Түркия менен кызматташтык кыла турган болушту! Алардын ортосундагы диалог «мыкты достук өңүтүндө» өтө турган болуп калды! Ал тургай, орус тышкы иштер министри Сирия жаатында орус жана түрк армияларынын кызматташуусун талап кылды!».

2 – Түркиянын бул ролу эртерээк башталышы күтүлгөн. Бирок, англистерге малай камалчы офицерлердин төңкөрүш жасоо аракети Түркиянын ролун «тоңдуруп» койду жана түрк режимин ички проблемалар

менен алек кылып койду. Бул роль Түркия – Эрдогандын айтымы менен – кыйраган төңкөрүш зилзаласы акыбеттеринен бошогонго чейин «тоңуп» турушу мүмкүн. Бирок, 2016-жылы август айы башталышы менен козголоңчулар Халабдын курчоосун кыйратуу үчүн чабуул жасашты жана козголоңчулардын бул чабуул кампаниясы ийгиликтүү болду. Ал тургай, бул абал Американы Түркиянын ролун тездетүү үчүн бул кампанияны шылтоо кылууга мажбур кылды. Ошондон кийин Эрдоган Россияга барып Россия менен алакаларды нормалдаштырууга киришти жана Американын саясий чечими Түркиянын активдүү ролу менен башталды... Америка ушул күчтүү чабуулдун натыйжаларын кыйратмакчы болду. Америка бул чабуул кампаниясын нусрат-жеңишке жол ачуучу эмес, сүйлөшүүлөргө жол ачкан кампанияга айлантмакчы. Америка Түркия тең салмактуу сүйлөшүү деген нерседен пайдаланып өзүнүн каражаттары менен тараптарды Обама президенттигинин калган саналуу күндөрүндө Американын сүйлөшүү жөнүндөгү чечимине чогултууга мажбур кыла алат деп ойлоодо! «Бүгүн Түркия президенти Ражаб Таййиб Эрдоган «Ал-Жазира» каналы менен өткөргөн маегинде Сирияга багышталган регионалдык жыйын өткөрүлүшүн талап кылды. Канал бул сүйлөшүүнү ишемби күнү эфирге берди... Эрдоган «Халабдагы абал кырсыктуу, бирок, оппозиция акыркы убактарда тең салмактуулукту кайра тиеледи» деп кошумчалады». (Сирия нет, Жаңы Булуң, 2016-жыл, 6-август).

Ошентип, Эрдоган Россияга барды. Обама Эрдоганга сүйлөшүүлөрдүн жаңы «төртүнчү» раундуна тараптарды чогултууга аракет кылуу үчүн шашылууну буйруду. Обама өзүнүн президенттик доорун ушул раунд менен аяктамакчы. Бул раундга Түркия тышкы иштер министри ишара кылган. «Түркия тышкы иштер министри Мавлуд Чавушуглу жума күнү Сирия келечегине багышталган сүйлөшүүлөрдү кайра баштоо зарылдыгын айтты жана Женева тынчтык сүйлөшүүлөрүнүн төртүнчү раундун өткөрүүгө

чакырды». (Reuters, 2016-жыл, 5-август). Ошентип Эрдоган Россияга барып Путин менен жолугушту...

3 – Бул жолугушуу Россия менен Түркия ортосундагы алакаларды нормалдаштыруу аракетинин аяктоочу кадамы болуп эсептелет. Орус самолёту атып түшүрүлгөндөн кийин эки мамлекет ортосундагы алакаларда чоң проблема жаралганы байкалган. Бул нормалдаштыруу аракетинин сценарийи Түркияны кордогон көрүнүштө иштелип чыкты. Натыйжада Эрдоган Путин койгон шарттарга баш ийип 2016-жылы 27-июнда орус самолётунун атып түшүрүлгөнүнө кечирим сурады. Эрдоган 2016-жылы 29-июнда орус президенти менен шаша байланышты. Айтылышынча, сүйлөшүү достук мамиледе өткөн. Эрдогандын артынан анын тышкы иштер министри Лавров менен 2016-жылы 1-июлда Сочи шаарында жолугушту. Жолугушуу учурунда эки министр Путин менен Эрдогандын Петербургда өтө турган жолугушуусунун убагын талкуулашты. Ошондон кийин Түркия тышкы иштер министри Россия Сирияда чабуулдарын ишке ашырышы үчүн Түркиядагы аскерий базалардан пайдаланышы мүмкүндүгүнө ишара кылды. Түркия позициясынын орустар тарабына мындай корлорчо ооп кетишине себеп Россиянын Анкарага каршы колдонгон экономикалык санкцияларынан Түркиянын кыйналганы эмес. Тескерисинче, бул кордукка себеп – Американын Сириядагы оор абалы дагы да тереңдешкени. Ошондуктан, Америка Түркияны Россия жана Иран тарабына өтүүгө мажбурлап Сирия кризисин чечмекчи. Түркия орустарга корлорчо жан берүүсү мына ушулардан улам болду. Т.а. бул корлорчо жан берүүлөр Түркия Америкага байланып калгандыгы жана Америка саясатын ишке ашырып жатканы себептүү болду. Натыйжада түрк режими мына ушундай кор абалга түштү...

4 – Эрдоган Россияга сапар кылуу туурасында бекем турду. Бул сапар 2016-жылы 15-июлдагы төңкөрүш жасоо аракетинен мурун пландалган эле. Эрдоган Түркиядагы ички абал менен катуу алек экенине карабастан Россияга барды. Акыйкатта болсо, ал «зилзала» деп атаган нерсени чечүү

менен алек эле, өзү «кайталануучу силкинүүлөр» деп атаган нерседен коркуп, 2016-жылы 7-август күнү Истамбулда топтолгон калк менен жолугушуу учурунда чогулган калктан шаршембиге чейин т.а. ал Россиядан кайтып келгенге чейин аянттарда калууну талап кылган. Себеби, Эрдоган англистерге малай аскерийлердин жаңы иш-аракеттерди жасашынан кабатырланып жаткан. Орустардын Халабдагы жырткыч кылмыштары болуп көрбөгөн чекке жеткенине карабастан Эрдоган Россияга сапар кылды.... Путин менен жолугушууну жана кечиктирбөөнү катуу талап кылды. Буга себеп Эрдоган Россия менен өтмүш баракты жабууга катуу умтулганы о.э. Америка Түркияны Россия тарабына түрткөнү. Бул жөнүндө Путин мындай деп ишара кылды: «Түрк президенти 15-16-июль күнү кечинде төңкөрүш жасоо аракетинен кийин Түркиядагы оор абалга карабастан, Россияга келүү үчүн убакыт тапты». (Русиял Явм, 2016-жыл, 9-август).

5 – Эрдоган менен Путиндин жолугушуусунда кеңири талкуулана турган тема Сирия кризиси экендиги анык эле. Ошондуктан, эки президент Сирия кризиси темасын делегациялардын мүчөлөрү катышуусундагы сүйлөшүүлөрдө талкулашпады, Сирия туурасындагы жолугушууну түнгө кечиктиришти. Жолугушууда тышкы иштер министрлери жана атайын кызматтардын өкүлдөрү катышып Сирия кризисин чечүү жолдорун талкуулашты. Путин күтүлүп жаткан жолугушууга түшүндүрмө берип ушуларды айтты: «Биз өз ара маалыматтар алмашабыз жана чечим жөнүндө талкуулашабыз». Сирия туурасындагы жолугушуунун түнгө кечиктирилгени жана делегациялардын тышкы иштер министрлери жана атайын кызматтар өкүлдөрүнөн тышкары башка мүчөлөрү бул жолугушуудан четтетилгени бул жолугушуу жашыруун өткөрүлгөнүнө, эки тарап Сирия темасына чоң көңүл буруп жатканына жана бул тема мурунку тоскоолдуктар алынгандан кийин эки тарап үчүн маселелер арасында эң маанилүү маселе экенине далалат кылып турат. Америка Обама доорунун жыйынтыгы катары режим жана оппозицияны сүйлөшүүлөр столу чогултууну талап кылды!

6 – Жолугушуу учурунда жана жолугушуудан кийин Түркиянын ролу активдүү байкала баштады:

а) «Түркия тышкы иштер министри Мавлуд Чавушуглу жума күнү Сирия келечеги туурасында сүйлөшүүлөрдү кайрадан баштоо зарылдыгын айтып, Женева тынчтык сүйлөшүүлөрүнүн төртүнчү раундун өкөрүүгө чакырды». (Reuters, 2016-жыл, 5-август).

б) «Бүгүн Түркия президенти Ражаб Таййиб Эрдоган Катардын «Ал-Жазира» каналы менен өткөргөн маекте Сирияга багышталган регионалдык жыйын өткөрүлүшүн талап кылды. Канал бул сүйлөшүүнү ишемби күнүндө эфирге берди.... Эрдоган: «Халабдагы абал кырсыктуу, бирок, оппозиция акыркы убакыттарда тең салмактуулукту кайра тикеледи» деп кошумчалады». (Сирия нет, Жаңы Булуң, 2016-жыл, 6-август).

в) «Өз кезегинде орус маалымат агенттиги кече Түркиянын Россиядагы элчиси Умид Ярдимдин сөздөрүн келтирди. Элчи: «Түркия Сириянын азыркы жетекчилиги Сириядагы кризисти чечүү максатын көздөгөн сүйлөшүүлөргө катышуусу мүмкүн деп билет» деди».

«ТАСС маалымат агенттиги Ярдимдин «Анкара Сириянын азыркы жетекчилиги саясий өткөөл доордо бирээр ролду ойношуна каршылык кылбайт» деген сөздөрүн келтирди». (Сабах, 2016-жыл, 12-август).

г) Түрк премьер-министри Сирия режими менен саясий чечимге келүү темасын төңкөрүш жасоо аракетинен мурун, Россия менен жарашуу башталганда эле көтөргөн болчу. Мисалы, Арабийя нет 2016-жылы 13-июлда «Сенсация... Түркия Сирия режими менен алакаларды нормалдаштыруу жөнүндө сөз кыла баштады» деген темада ушуларды маалымдады: «Анкара (Түркия) – Рейтер: Түрк премьер-министри Бин Али Йилдирим бүгүн шаршемби күнү анын мамлекети Сирия менен нормалдуу алакаларды кайра тикелешине ишенишин айтты. Арабийя нет, 2016-жыл, 13-июль». Бул жөнүндө Би-Би-Си да кабар таратты: «Түркия премьер-министри Бин Али Йилдирим «Түркия Сирия менен жакшы алакаларды өнүктүрүүгө аракет

кылат, бул Түркиянын өз кошуналары менен алакаларды жакшыртууга аракет кылуудагы жаңы баскыч» деди». (Би-Би-Си Арабийя, 2016-жыл, 13-июль).

7 – Ошентип, Түркия Сирия кризиси иримине активдүүлүк менен кирди. Бирок, Сирия калкына жардам берүү, аларды Россия жана Иран жырткычтыгынан куткаруу үчүн эмес, тескерисинче, Россия жана Иран менен биргеликте шайтаний үчтүктө болуу үчүн, бул эки жырткычтын кылмыштарына ыңгайлуу шарт жаратып берип экөөсүнө жардам берүү үчүн кирди. Түркия бул иримге Шамдагы тогут режим менен сүйлөшүүгө киришүү жаатында Америка алга сүрүп жаткан моюн сунуу чечимин ишке ашыруу үчүн кирди... Эрдоган менен Путиндин бул жолугушуусу – жырткычтык-жамандык. Себеби, анын натыйжасы катары Түркия Сириядагы коголоңду колдоп-кубатташын айтып келе жаткан бардык нерседен ашкере баш тартты. Ал тургай, Түркия тышкы иштер министри Россия Түркиядан Сириядагы «координаталарды» берүүнү т.а. түрк разведкасы козголоңчулар позициялары жөнүндө топтогон маалыматтарды – орустар бул позицияларга сокку берүү үчүн – Россияга берүүнү талап кылып жатканын айтты. Америка Россияга каалаган нерсесин берүүнү талап кылгандыктан жолугушуудан кийин, жолугушуунун эртеси күнү Түркиянын жогорку даражадагы разведка делегациясы Москвага сапар кылууну чечим кылды.

Түркия тышкы иштер министри 2016-жылы 10-августта Анадолуга берген интервьюсунда: «Сирияда ок атууну токтотуу, гуманитардык жардамдарды жеткирип берүү жана саясий чечимди табуу зарылдыгы туурасында анын мамлекети Россиянын көз караштарына ылайык экенин, бул үчүн келечекте Москва менен күчтүү кызматташуу механизми курулушун» айткан. Ал кошумчалап «разведка башчысы, тышкы иштер министринин өкүлү жана түрк армиясынын өкүлдөрү бул темаларды ошол күнү түндөсү Санкт-Петербургда талкуулоолорун айтты». (Ал-Жазира нет, 2016-жыл, 11-август).

Түркия тышкы иштер министринин «Сирияда ок атууну токтотуу, гуманитардык жардамдарды жеткирип берүү жана саясий чечимди табуу» деген сөздөрү Америка позициясынын дал өзү. О.э. ал Россия чакырып жаткан жана согуш алып барышына себеп болуп жаткан нерсенин эле өзү. Түрк разведкасы, армия жана тышкы иштер министринин жооптуулары Эрдоган Россиядан чыгып кеткенден кийин эле тездик менен Москвага жиберилиши Түркиянын орус-иран-түрк үчтүгүн толуктаганына далалат кылып турат! Иран тышкы иштер министринин орун басары: «Бул регион мамлекеттери Россия жана Түркия ортосундагы жакшы алакаларга муктаж» деп баса белгилеген. Ибрахим Рахим Бур «Түркия-Россия-Иран» форматындагы жаңы кызматташтыкты талап кылып, анын мамлекети ушул багыт боюнча аракет кылууга даяр экенин баса белгиледи». (Ал-Жазира нет, 2016-жыл, 8-август). 2016-жылы 12-август күнү Анкарада Иран тышкы иштер министри  Жавад Зариф түрк жооптуулары менен жолугушту. Түрк жооптуулары Иран менен Сирия кризиси туурасында ортоктош аракеттерди бекемдөө туурасында келишилгенин баса белгилешти. Эрдоган Иран министри Жавад Зарифти президенттик сарайда кабыл алды. Бул жолугушуу жабык эшиктер артында үч саатка созулду жана жолугушуудан кийин эч нерсе жарыяланбады. Бул болсо Америка Түркияны Сирия сахнасына алып кирүүгө, Америка койгон вазыйпаларды аткарууда Россия жана Иранга жардам берүүгө жан үрөп шашылып жатканына далалат кылып турат.

8 – Бул нерселерден Түркия Сирия туурасындагы америкача саясий чечимди бекемдөөдө жан үрөп, этибарды тарта турган таризде шашылыш кирип барганы анык көрүнүп турат. Акыйкатта болсо Түркия төңкөрүш жасоо аракетинен кийин өзүнүн ички абалы туурасында кадыржам эмес эле. Ошого карабастан, Түркия бул иримге кирди. Булардын баары Вашингтонтун катуу талап коюп жатканына далалат кылат. Ошондуктан, Түркия Америка планы боюнча Иран жана Россия менен биргеликте төмөнкү таризде аракет кылышы үстөмүрөөк:

–Саясий жактан: Түркия өз саясатын өзгөрткөнү жана Сирия режими, Иран менен Россия тарабына өтө баштаганы козголоңчуларга анык көрүнүп турат. Ошондуктан, Түркия козголоңчуларды Женевадагы америкача чечимди кабыл алууга чакырып, басым өткөрө баштады. Акыйкатта болсо, бул чечим режим менен сүйлөшүү алып барып аны менен Сирия келечеги тууралы келишүүнү жана козголоңчулар менен режим ортосундагы ортоктош өкмөттүн курамына кирүүнү талап кылат. Козголоңчуларга – Халабдагы режимдин көзөмөлүндөгү региондорду курчоого алууларына жол бербөө үчүн – «гуманитардык жагдайлар» деген шылтоо менен да басым өткөрүлүүдө. Козголоңчулар Халабда бир катар жеңиштерге жетишишкени этибарга алынып «тең салмактуу сүйлөшүү» деген нерсе жан үрөп үгүттөлүп жатат. Себеби, козголоңчулардын ушул жеңиштери аларды кубат борборунан туруп сүйлөшүү жүргүзө турган кылды. Ошондуктан, «тең салмактуу сүйлөшүү» деген нерсеге жан үрөп үгүттөлүп жатат. Бул басым өткөрүү каражаттары ок атууну токтотуу деген нерсе менен бирге алып барылууда. Булардын баары саясий амалияттан мурун болууда. Бул саясий амалият Обаманын президенттик доору келерки жылдын январда аягына жетишинен мурун аны бирер «жеңишке» жеткириши керек. Бул, Түркия премьер-министри «келерки алты ай ичинде» деп ишара кылган нерсе болсо керек: «Түркия премьер-министри Бин Али Йилдирим жума күнү түрк тышкы иштер министри  Мавлуд Чавушуглу жана анын ирандык кесиптеши Жавад Зариф менен бирге өткөргөн басма сөз конференциясында Сирия жаатында келерки алты ай ичинде өтө маанилүү өнүгүүлөр жүз бериши күтүлүп жатканын айтты. Өз кезегинде Иран тышкы иштер министри Жавад Зариф анын мамлекети орус-түрк жакындашуусуна ыраазы экенин айтты. Ал Түркия менен Сирия туурасындагы келишпестикти диалог аркылуу чечүү мүмкүндүгүн баса белгиледи. Зариф Сирия жаатындагы Иран менен Түркия ортосунда кызматташтык тынч чечимдин мүмкүнчүлүктөрүн бекемдешине этибарды каратты». (Арабийя нет, 2016-жыл, 13-август).

–Аскерий жактан: Түркия «Мамлекет уюмуна» каршы согуш деген шылтоо астында Россия менен союздаш болуп Сирияга согушка кирет. Бул союз ок атууну токтотуу үчүн тезинен ортоктош күчкө айланат. Түркия Россияга – козголоңчуларды түрк разведкасы ээ болгон жана Россия билбеген «позициялардын координаталары» жөнүндөгү маалыматтардан пайдаланып бомбалашы үчүн – бардык ыңгайлуулуктарды сунуштайт. Түркия Россияга – Сириядагы мусулмандарды кыргын кылуудагы кылмыштуу вазыйпаларын жеңилдетүү үчүн – аскерий базаларды да бериши мүмкүн.

Иран да ушундай кылат. Себеби, Иран Россияга ушул ыплас максатты жеңилдетүү үчүн базаларды берет. Бул мамлекеттер ортосунда аракеттерди жөнгө салуу иш жүзүндө жолго коюлду:

«О.э. Чавушуглу түрк самолёттору «Мамлекет уюмуна» каршы амалияттарга кошулушун айтты. Ал «Биз бардык деталдарды үйрөнүп чыгып жатабыз. Биз Россияны «Мамлекет уюмуна» каршы ортоктош амалияттарды өткөрүүгө көптөн бери чакырып келүүдөбүз» деп кошумчалады». (Ал-Жазира нет, 2016-жыл, 1-август). Табигый болгондой, бул чабуул Россия «терроргo каршы күрөш» деп шылтоолоп сокку берип келе жаткан бардык козголоңчуларды өз ичине алат. Себеби, бомбалоодо алардын позициялары айырмаланбайт!

Ушул күндөрдө орус коргоо министрлиги тарабынан чыгарылган билдирүүдө мындай делет: «Алыс аралыкка учкан «Ту-22М3» тибиндеги бомбалоочу самолёттор жана «Су-34» тибиндеги бомбалоочу самолёттор 16-август күнү Ирандын Хамадан аэродромунан көтөрүлүп Сириядагы «ИШИМ» уюмунун жана «Жабхатун Нусра» уюмунун Халаб, Дийриззур жана Идлибдеги позицияларына күчтүү соккуларды берди»... «Мурдараак маалымат каражаттары орус аба күчтөрүнүн «Ту-22М3» бомбалоочу самолёттору Сириядагы террорчу «ИШИМ» уюмунун позицияларына

соккуларды берүү үчүн Ирандын Хамадан аэродромуна конгону жөнүндө кабар тараткан». (Русиял Явм, 2016-жыл, 16-август).

9 – Америка Сирияда өзүнүн жүгүртөк куралдарынын жардамында ишке ашырмакчы болуп жаткан план мына ушундай. Бул, алардын айла-амалы.

﴿وَمَكْرُ أُولَئِكَ هُوَ يَبُورُ﴾

***«Алардын айлакерликтери да жок болот»*** [35:10]

Анткени, Шамда соода-сатык да Аллахтын зикринен чалгыта албаган чыныгы эр кишилер бар. Алар өз иштерин аң-сезимдүү түрдө билген көз жана жүрөктөрү ачык эр кишилер. Алар тигил жырткычтар козголоңчулардын жеңиштерин сүйлөшүүлөр жолуна айлантууга – инша Аллах – таптакыр жол беришпейт. Кылмышка малынган жана Вашингтон тарабынан башкарылып жаткан бул үчтүк – инша Аллах – таптакыр ийгиликке жетпейт. Бул жырткычтар Шам жеринде ыплас ниеттерине эч качан жетишпейт. Американын мурунку жүгүртөктөрүнүн аракеттери кыйрагандай анын кийинки жүгүртөктөрүнүн аракети да – инша Аллах – шексиз кыйрайт... Тогуттар беш жыл ичинде Шамда садик, калыс эр кишилер бар экенин, Америка, Иран, Россиядан турган топ жана бул топтун жүгүртөктөрү бул эр кишилердин кайратын сындыра албаганын, ал тургай, Шам жеринде бул садик кишилерди жардамсыз таштап койгон кимселер да бул эр кишилердин кайратын сындыра албаганын билип алышты. Бул калыс топ – Аллах уруксаты менен – бекем бойдон кала берет, таптакыр ийилбейт. Бул топ Аллахтын шариятын, рошид Халифалыкты тикелеп Аллах Субханахунун ыраазылыгы үчүн калыс амал кылып, Расулуллах с.а.в.га садик бойдон кала беришет. Натыйжада Ислам өлкөлөрү Исламдын бардык душмандарынан тазаланат жана Аллахтын азабы бул душмандарга алар күтпөгөн тараптан келет.

﴿وَلَيَنْصُرَنَّ اللَّهُ مَنْ يَنْصُرُهُ إِنَّ اللَّهَ لَقَوِيٌّ عَزِيزٌ﴾

***«Албетте Аллах Өзүнүн** (динине) **жардам берген заттарга нусрат берет. Шексиз Аллах күчтүү, кудуреттүү»*** [22:40]

**13-зул-каъда, 1437-х.**

## Эрдогандын Иранга жасаган сапарынын артында эмне турат?

**Суроо:** *2014-жылы 28-29-январда Түркия премьер-министри Ражаб Таййиб Эрдоган Иранга сапар жасады. «Аш-Шарк ал-Авсат» гезити 2014-жылы 30-январда премьер-министр Эрдоганга жакын бир булакка шилтеме кылып, анын ушул сөздөрүн келтирди: «Америка финансы министри Дэвид Коэн 2014-жылы 28-январда Эрдоган Тегеранга сапар жасашынан мурун аны менен жолугушту». Ошол булак: «Сирия темасы бул жолугушуудагы негизги темалардын бири болду», деп кошумчалады. Түркия экономика министрлиги да: «Премьер-министр Эрдогандын Ирандагы сапарында Түркия менен Иран ортосунда артыкчылык соода келишимине кол коюлганын» билдирди. («Йени Шафак» гезити, Түрция, 2014-жыл, 31-январь).*

*Суроо төмөнкүдөй: бул сапарда артыкчылык соода келишими о.э. Сирия маселеси жаркын байкалды. Бул сапарлардан көздөлгөн максат соода факторубу, же Сирия маселесиби, же экөөсүбү? Американын бул жааттагы ролу кандай? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.*

**Жооп:**

1 – Сапардын негизги максаты Сирия проблемасы. Бул сапар биз 30.11.13 күнкү Жоопузда айткан нерселердин уландысы болуп эсептелет. Ошол Жоопузда мындай дегенбиз: «Бул проблемалар Американы муунтуп, анын түздөн-түз таасир күчүнө жолто болууда… Себеби, анын малайлары – чет элде даярдаган куурчактар да, ичкеридеги Башар жана анын жүгүртөктөрү сыяктуулары да – акыркы үч жыл ичинде Сирияда бекем орношо алышпады. Тескерисинче, Халифалык чакырыктары бул малайлардын кулактарына, көздөрү жана жүрөктөрүнө чагылгандай тийүүдө… Ушулардан улам, Америка Сирия тегерегиндеги регион

мамлекеттери Халифалыкты турмуш жана коом үчүн түзүм катары кабыл алган ар кандай жаңы башкарууга каршы турууда алдыңкы фронт болуусун кааалайт. Амерканын көзү эки мамлекетке түшүп, экөөсүнө вазыйпаларды буюрду. Алар Американын ээрчүүчүлөрү болгон – Түркия жана Иран. Түркия жөнүндө айта турган болсок, анын аракеттерине эч кандай чектөөлөр коюлбаган. Иран болсо, ага коюлган санкциялар себептүү эл аралык жана регионалдык майдандагы таасирдүү аракети чектелип калууда. Натыйжада, ал дээрлик изоляция абалында калган. Иран Халифалыкка каршы Түркияга караганда күчтүүрөөк иш алып барат, себеби, Иран акимдеринин түшүнүктөрү боюнча Халифалык четке кагыла турган нерсе. Ушул нерсе аларды Халифалыкка каршы активдүү күрөш алып барууга үндөөдө. Түрктөрдө болсо, Халифалык мурас болуп эсептелет. Бул болсо, Түркиядагы режимди Халифалыкка каршы күрөштө алдоо жолун кармануууга мажбур кылат. Ошентип, жаңы план бул эки мамлекеттин ролун ушул таризде күчөтүүнү талап кылат... Мына ошондо Обама Сириядагы Халифалык үчүн болуп жаткан аракетке каршы турууда Түркия жана Иранды беймарал ишке сала алат. Бул, Сирия ичинде кылмыш аракеттерди жасоо менен ишке ашырылабы же Женева жана башка жайдагы кыянатчыл саясий иштер менен ишке ашырылабы, мунун айырмасы жок… Максат мурунку малайдын ордуна дагы бир малай башкарууну орнотуу жана Халифалык үчүн болуп жаткан аракетти кыйратуу… 2013-жылы 24-ноябрда келишим түзүлгөнүнөн үч күн гана өтүп Түркия менен Иран ортосундагы мурунку кескиндик жоюлду жана Түркия тышкы иштер министри Тегеранга сапар жасады. Сүйлөшүүлөр негизинен Сирия иши жаатындагы эки мамлекеттин ортосундагы кызматташтык жана Женева конференциясы жөнүндө болду. Жашыруун тарабы болсо дагы да чоңураак…».

Учурда Америка Сирия ичиндеги калктан тамыры үзүлгөн оппозиция менен биргеликте жасалма саясий чечимди иштеп чыгуу менен алек. Америка Халифалыкка аракет кылып жаткан калыс кишилердин үндөрүн

Иран жана Түркиянын жардамында бууп таштамакчы. Америка ушул аркылуу Женевада иштелип чыга турган ар кандай саясий чечимди кабыл алдыруга чөйрө даярдамакчы. Ушул жасалма саясий чечим Америка аракет кылып жаткан саясий чечимди бекемдөө үчүн эл аралык аралашуунун биринчи кадамы катары болот... Эрдогандын сапарынан көздөлгөн негизги максат мына ушул. Америка финансы министри 2014-жылы 28-январда Эрдогандын Тегеранга сапар кылышы астында Эрдоган менен талкуулаган тема да мына ушул. Муну «Аш-Шарк ал-Авсат» гезити 2014-жылы 30-январда көрсөтүп өттү. Бул гезит премьер-министр Эрдоганга жакын бир булактын «Сирия маселеси бул сапардагы негизги темалардан бири болду» деген сөздөрүн келтирди... Бул болсо, Иран менен Түркияны өз ара жакындаштыруу маселесинде Америка активдүү роль ойноп жатканын көрсөтүп турат. Америка мындан Сириядагы адамдар Халифалык мамлекетинде Аллахтын шариятын өкүмдар кылууга карай багыт алышына жол бербөөнү көздөйт. Америка муну Иран жардамында зомбулук жана террор аркылуу о.э. Түркия жардамында курулай гана козголоңчуларды колдоп-кубаттоо чүмбөтү аркылуу ишке ашырмакчы.

2 – Эрдоган сапарынан мурун мына ушул максатка чөйрө даярдаган эки сапар болуп өттү:

Биринчиси: Түркия тышкы иштер министринин биз жогорудагы Жоопузда көрсөтүп өткөн сапары. Түркия тышкы иштер министир Ахмад Давуд-углунун өткөн жылдын аягында, аныгы 2013-жылы 27-ноябрда Иранга сапар жасагандан кийин Иран-Түркия алакалары күчөп баштады. Ошол күнү Түркия тышкы иштер министрлигинин өкүлү Левент Гүмрүкчү «Аш-Шарк ал-Авсат» гезитине ушул сапар жөнүндө интервью берип төмөндөгүлөрдү айтты: «Эки мамлекет ортосундагы эки тараптуу алакаларды күчөтүү туурасында өз ара толук келишүү бар, Сирия туурасында дурус сүйлөшүүлөр болот, Сириядагы кризисти чечүүгө жана ал жердеги кан төгүүнү токтотууга тиешелүү эки мамлекеттин ортосундагы кызматташтык зарылдыгы

тууурасында өз ара толук макулдук бар». Муну менен Давуд-углу Сирия кризисин Женева токтомдоруна ылайык чечүү туурасында өз ара шайкештикти бекемдөө үчүн премьер-министри Эрдогандын Иранга жасай турган сапарына чөйрө даярдады. Белгилүү болгондой, «Женева-1» жана «Женева-2» конференциясы долбоору Американын долбоору жана планы болуп эсептелет. Америка Сириядагы өзүнүн малайы болгон илманий режимди сактап калуу аркылуу өзүнүн Сириядагы таасирин сактап калмакчы. Мына ошондуктан ушул долбоор жана планды иштеп чыкты. Америка Сириядагы өз таасирин айрым адамдарды кызматтан алып, Ислам түзүмүнүн орнотулушуна жана Халифалыктын жарыя кылынышына жол бербөө менен сактап калмакчы. «Маъхад» сайты 2014-жылы 30-январда кабар беришинче, Эрдоган Иран президенти Хасан Руханий менен жолугушканда: «Иран менен терроризмге каршы күрөш туурасында келишимге» жетишилгенин баса белгилеген. Бул малайлар «терроризм» дегенде Батыш тыгыштырып жаткан маанини назарга алышат т.а. Ислам үчүн ыклас аракет кылып жаткан ар бир калыс, чыныгы иш-аракетти назарга алышат. Иран саясатын колдоп-кубаттаган ушул сайт Иран расмий булактарынын сөздөрүн да келтирди. Бул расмий булактар түрк делегациясы келишинен мурун: «Иран Сирия туурасындагы чечим долбооруна тиешелүү өзүнүн көз караштарын дагы ортого салат жана муну жетиштүү түшүндүрүп берет», деп билдиришти. Муну менен Түркия жана Иран – жогоруда айтып өткөнүбүздөй – Сирия темасы туурасында өз ара толук келишүүгө жетишүү үчүн бири-бири менен болгон алаканы бекемдөөгө аракет кылган болот. Ошондуктан, Эрдоган Америка долбооруна кызмат кылуу үчүн эки тараптын ортосундагы алдын ала чөйрө даярдаган нерсени толук аягына жеткирүү үчүн сапар жасады.

Экинчиси: Түркия разведка башчысы Хакан Фидандын атайын разведка делегациясы менен жасаган сапары. «Миллият» гезити 2014-жылы 30-январда мындай деп жазды: «Түрк разведкасынын кеңешчиси Хакан Фидан

Эрдоган Иранга сапар жасашынан мурун Тегеранга расмий эмес делегацияга башчы болуп барды. Ал да, Эрдоган да бир мейманканада турушту». Түрк разведкасынын бул башчысы Сирияда козголоң жалындаган биринчи күндөн эле Американын разведкасы менен иш-аракеттерди тартиптештирип, кызматташтык кылып келет. Бул болсо, Түркия менен Иран ортосунда Сирияда Американын Сирияга тиешелүү долбоорун ишке ашыруу үчүн разведка кызматташтыгы болуп жатканын түшүндүрөт. Бул иш-аракеттерге мисал кылып Сириядагы калыс кишилердин аракеттери артынан тыңчылык кылууну, аларды жок кылуу жана алардын аракеттерине сокку берүү жолдорун үйрөнүп чыгууну, аларды алдап Америка долбоорун колдоп-кубаттоого тартып, аларды Америкага көз каранды Коалиция менен режимдин ортосунда боло турган сүйлөшүүлөргө катыштырууга аракет кылууну көрсөтүү мүмкүн. Мындан мурун Сирия режими менен мамиле орнотуп келе жаткан Америка агенти Ажаландын Күрдстан партиясынын ячейкасы болгон Күрд улуттук партиясынын төрагасы Салих Муслим түрк разведкасынын башчысы менен жолугушкан. Ал ошол жолугушуудан кийин 2013-жылы 21-августта «Аш-Шарк ал-Авсат» гезитине мындай интервью берди: «Биз бул убадалардын, айрыкча, Түркия жана Иран тараптары исламчыларга каршы күрөшүү жөнүндө берген убадалардын кандай ишке ашышын көрүшүбүз үчүн келерки күндөрдү күтүшүбүз керек...».

3 – Бул сапардын (Эрдогандын Иранга жасаган сапарынын) негизги максаты мына ушул т.а. Сирия маселеси. Бирок, кээ бир нерселер бул максатка соода жагдайын чүмбөттөөгө мажбур кылды:

Биринчи: негизги этибарды соода тарабына жана соода келишимдерине каратып, үстүртөн болсо да Сирия кризисинен этибарды буруу, Иран менен болгон жылуу алакалардын уятсыздыгын аз да болсо жакшы кылып көрсөтүү. Себеби, Иран Сирия козголоңуна карата душмандык позицияда турат, ошондуктан, ал Башар тарабында туруп согушуп жаткан негизги тарап. Эрдоган болсо, Сирия козголоңу менен бир экенин көрсөтүп жатат!

Ошондуктан, Эрдогандын Иранга жасаган сапарынын бирден-бир негизги максаты Сирия кризиси деп көрсөтүлө турган болсо, Эрдоган ыңгайсыз абалга түшүп калат жана анын Сирия козголоңун колдоп-кубаттоо, бул козголоңго жардам берүү тууpасындагы сөздөрү курулай бир сандырак экендиги адамдарга ачыкталып калат... Ошондуктан, бул сапардан негизинен соода максаты көздөлгөн деп көрсөтүлдү. Эрдоган бул сапар соодага тиешелүү, анын Сирия козголоңун колдоп-кубаттоодогу Эрдогандын позициясына эч бир алакасы жок демекчи болду. Бул болсо, адамдарды чалгытып адаштыруу жана алардын үстүнөн күлүү саналат!

Экинчи: Эрдоганга жакын адамдарды өз иримине тарткан шерменде коррупция жаңжалдарын басаңдатуу. Бул жаңжалдардын бири – Ирандагы тараптар Ирандын Түркия менен болгон соода келишимдерин өткөрүү үчүн түрк жооптууларына паралар бергендиги ачыкка чыгып калгандыгы. Демек, Эрдоган ушул соода келишимдери менен: ошол акчалар паралар эмес, тескерисинче, эки мамлекет ортосундагы соода алакалар болчу, ошондуктан, өткөрүлгөн акчалардын баары мыйзамдуу, демек, аларда мыйзамга карама-каршылык жок, пара деп айтылып жаткан акчалар мына ушул иштерди жүзөгө чыгаруунун акысына төлөнүп жаткан акчалар эле, демекчи болуп жатат! Эрдогандын оюнда бул нерсе ушул жаңжалдан кийин отставкага чыккан министрлердин уулдарын о.э. ага көз каранды башка кимселерди жана ушул жаңжал боюнча соттоло турган тарапкерлерин да актоого чөйрө даярдайт...

Үчүнчү: Эрдоган мунун артынан коррупция жаңжалынан кийин зыян жеткен түрк экономикасына болгон ишенимди бекемдемекчи. Себеби, түрк валютасынын курсу өтө төмөндөп кетти, натыйжада доллар ушул күндөрдө 2,6 лирага тең болуп калды, бул кризистен мунун доллар эки лирага барабар эле. Ушуну эске сала кетүү зарыл, Эрдоган нөлдөрдү (миллион нөлдөрдү) бекер кылып, 2009-жылы жаңы лираны жүгүртүүгө чыгарган кезде жаңы лира бир долларга тең эле. Мына ушул жаңжал түрк биржасына да таасир

кылды. Кээ бир расмий эмес булактар акыркы коррупция жаңжалы ачыкталып калгандан бери биржадагы зыяндар 100 миллиард долларга жетти деп баалады. Коррупция жаңжалы түрк экономикасынын реалдуу эместигин жана туруксуздугун, карыздарга таянышын ачыктады. Мисалы, Түркиянын тышкы карыздары Эрдоган партиясы бийликти колуна алган 2002-жылдын аягындагы 130 миллиард доллардан эки эсе көбөйүп 2013-жылы декабрь аягында 374,456 миллиард долларга жетти. («Tijaret ve iqtisad» сайты 2014-жыл, 2-февраль). Демек, Эрдоган бул абалды Иран менен соода келишимдерин түзүү аркылуу оңдомокчу болду. Бул иш-аракеттер келерки жергиликтүү шайлоолордо «Адилет жана Өнүгүү» партиясы ала турга добуштар көрсөткүчүн жакшыртууда Эрдоганга пайдасы тийиши мүмкүн. Айрым сурамжылоолорго ылайык, бул партияга бериле турган добуштар 42%га төмөндөп кеткен, кээ бир каражаттар болсо, бул добуштарды дагы да төмөн, 39% деп көрсөттү. Мындай көрсөткүчтөргө Эрдоган бийликке каршы төңкөрүш жасоого аракет кылуу деп жар салган коррупция жаңжалынан кийин экономикалык абалдын жамандашканы себеп болуп турат.

4 – Ушуга ылайык, бул сапардан көздөлгөн негизги максат Сирия тууралында саясий чечимге келишип алуу жана Шам калкы Ислам менен өкүм жүргүзүүгө карай багыт алышына жол бербөө. О.э. бул негизги максатты соода иштери менен чүмбөттөө планы да турат. Эрдогандын ыңгайсыз абалын жеңилдетүү үчүн бул чүмбөт зарыл. Себеби, Иран Башарды жырткычтык менен колдоп-кубаттап жатканда, Эрдоган өзүн Сирия козголоңун колдоп-кубаттап жаткандай кылып көрсөтүп жатат. Ошондуктан, Эрдоган Иранга жасаган сапарынын негизги максаты Сирия козголоңуна каршы тил бириктирүү экендиги ачыкка чыгып калышын каалабайт. Андан тышкары, бул максат менен жанаша Иран менен болгон соода-сатык иштер натыйжасында алынган акчалар Эрдоганга жакын болгон адамдарга берилген паралар эмес деп актап, аларга каршы жаңжалды басаңдатуу максаты да бар. Иран менен Түркия ортосундагы соода айырбаштоо аракети «Адилет жана

Өнүгүү» партиясынын келерки шайлоолодогу абалын жакшыртса ажеп эмес деген үмүт да бар. Бирок, Эрдоган Америка долбоорлору боюнча аракет кылуудан улам жүзөгө келе турган финансылык жана саясий шермендеdebeliктерди жаап жашыруу мүмкүн эместигин унутуп койду же билмексендей болуп жатат.

**2-робиус-саний, 1435-х.**

**2-февраль, 2014-м.**

## Түркия тарабынан Россия учагынын атып түшүрүлүшүнүн натыйжалары!

**Суроо:** *Менин суроом, Орусия согуштук учагынын Түрк реактивдүү учактары тарабынан уруп түшүрүлгөнү тууралуу: Бул окуя Сирия аба мейкиндигинде аба күчтөрүнүн операциялары көбөйүшүнө жол ачабы? Операциялар Түркия аба мейкиндигине чейин жайылабы? Жооп үчүн ыраазылык билдиремин.*

**Жооп:** Сирия аба мейкиндигине токтолсок:

– Сирия аба мейкиндигинде операциялардын көбөйүшү дегенде, баардык жердин бомбаланышын назарда тутуп жатсаңыз, мындай кыргындар ансыз деле жүрүп жатат...

– Эгерде учактардын өз-ара келишпөөчүлүктөрү жана кагылышуулары тууралуу айтып жатсаңыз, мындай чыңалуу жакынкы келечекте болушу күтүлбөйт. Мунун себебин 11-октябрдагы билдирүүдө жана 18-ноябрдагы суроо-жоопто түшүндүрүп өткөнбүз.

2 – Операциялардын Түрк аба мейкиндигине чейин жайылуусуна келсек, Орусия менен Түркия арасындагы аба согушу тууралуу айтып жатат окшойсуз. Биздин анализибизге ылайык, төмөндөгү себептерден улам мындай абалдын болушу күтүлбөйт:

– Орусия аба күчтөрүнүн Сириядагы операциясы Америка менен түзүлгөн келишимдин негизинде жүрөт. Түркиядагы учурдагы бийлик

Американын таасири астында. Ушундан улам, бул бийлик Американын келишимин жокко чыгара албайт...

– Мындай келишимдин бар экени анык. Муну жогоруда айткан билдирүү менен суроо-жоопто деталдуу түрдө баяндаганбыз. Путин, 2015-жылдын 24-ноябрында, Сочидеги маалымат жыйынында, учактын уруп түшүрүлүшү «далыбызга урулган сокку» деп ортодо келишим болгондугун билдирди. [24.11.2015 радио Сива] Бул билдирүү ортодо бир келишим болгонун жана бул келишимдин бузулганын түшүндүрөт...

– Чындыкка жакын нерсе ушул, учак Түрк саясий лидерлеринин буйругу менен эмес, Эрдогандан башка саясий максатты көздөгөн жана чегарада түркмөн бир туугандарынын бомбалануусуна чыдай албаган түрк аскерийлери ичиндеги айрым командирлердин буйругу менен урулду...

– Мунун далилин башбакан Давутоглунун берген маалымат жыйынынан кезиктирүүгө болот. Давутоглу: «Түрк аба мейкиндигин бузган учактарга каршы куралдуу күчтөрүбүздүн убагында кылган аракетин колго алуу зарыл»,- деди. [24.11.2015 Radio Siwa].

– Орусия Түркия өкмөтүнүн коопсуздук келишимин бузбаганын билет. Себеби, Орусия учактары мындан мурун да түрк аба мейкиндигин кесип өткөн. Бирок, түрк өкмөтү чек араны бузган учактарга эскертүү берүү менен гана чектелген. Орусия да уруп түшүрүлгөн учактын өкмөттүн буйругу менен эмес, айрым аскерий жетекчилердин талабы менен болгонун билет. Ушундан улам жагдай оңдолуп кетиши мүмкүн. Ошондуктан, Орусия менен Түркия арасында согуштун болушу күтүлбөйт. Учак кризиси, экономикалык же дипломатиялык алакалар менен, же болбосо, учак урулган аймакта Орусиянын аба соккуларын күчөтүү сыяктуу саясий жолдор менен чечилиши күтүлөт. Окуяны тынчытууда Америка негизги ролду аткарат, айрыкча, түрк аскерлеринин аракетке келбешин катуу көзөмөлдөйт. Америка учактын каерде жана кантип урулганы тууралуу билдирүү берүү менен эки тарапты тең канааттандыруучу бир жолду табышы мүмкүн. Кечээ 24-ноябрда

Америкалык чиновник: «Вашингтон Орусия учагы түрк аба мейкиндигин кыска убакытта кесип өткөн жана Сирия ичинде уруп түшүрүлгөн деп эсептейт», – деди. [25.11.2015 Deutshe Welle]. Мындан көрүнүп тургандай, Америка эки тараптын тең көңүлүн алууга аракет кылууда!

– Демек, анализибиз боюнча, жакынкы аралыкта Түркия менен Орусия ортосунда катуу чыңалуу күтүлбөйт. Тескери түрдө, эгер саясий күрөштөрдүн катарында аскерий операциялар да активдеше баштаса, анда окуялар чыңалат жана алар күтүлбөгөн жыйынтыктарга жол ачылышы мүмкүн.

– Тыянактап айтканда, ушундай бир исламий өлкөдө бул сыяктуу окуялардын жана алардын жыйынтыгы колонизатор каапырлар менен алардын агенттери көзөмөлүндө болушу өкүнүчтүү! Бирок күндөр алмашып туруучу. Алланын уруксаты менен бул абал узакка барбайт. Халифалык нуру Ислам өлкөлөрүн, жада калса, дүйнөнүн ар бир көчөсүн жарык кылат. Ислам душмандарын өз өлкөлөрүнө кууп кирет, эгер өлкөлөрү калган болсо.

***«Албетте, Анын берген кабарынын туура экенин бир аз убакыттан кийин эң жакшы билип аласыңар»*** [Сод 88]

**13-сафар, 1437-х.**

**25-ноябрь, 2015-м.**

## Түркия премьер-министир Ахмед Давудоглунун отставкага чыгышынын себептери жана бул себептердин факторлору

**Суроо:** *Маалымат каражаттарында Давудоглу Эрдоган тарабынан мажбурий отставкага чыгарылганы жөнүндөгү талкуулоо уланууда. Айрымдар мунун себеби Давудоглу президенттик системаны колдобогону болду деп айтып жатышкан болсо, кээ бирөөлөр Давудоглу качкындардын Европага агып баруусу маселеси боюнча Европа Союзу менен өткөрүлгөн сүйлөшүүлөрдө артка чегингендиги себеп болду деген пикирди айтууда... Сураныч, ушул маселени пчыктап берсеңиз. 14 жыл Эрдогандан ажырабаган Давудоглу эмне мынчалык тез отставкага чыкты, балким, отставкага*

*чыгарылды? Сураныч,түшүндүрүп бериңиз. Бул үчүн сизге көп ыраазычылык билдиремин.*

**Жооп:** Бул отставканын же отставкага чыгаруунун шарттарын о.э. жүзөгө келген абалдарды үйрөнүп чыгуу – себептерди жана бул себептердин факторлорун көрсөтүп берет:

1 – Эрдогандын премьер-министрлик доорун гана эмес, Давудоглунун премьер-министрлигинин биринчи жылын күзөткөн киши президент Эрдоган менен анын катарлашы Давудоглу ортосунда чоң айырма жок экенин көрөт. Бул экилик «Адилет жана Өнүгүү» партиясы башкарып жаткан Түркиядагы саясий түзүмдүн белгилеринин бири болуп келди. Эрдогандын шахсияты (личность) башчы болууну, жоопкерчилик жана башкаруу рухун жакшы көрүү жагынан Давудоглунун шахсиятынан кыйла жогору болсо да... Давудоглу кызматта турган жылдары Эрдоганга эч кандай каршылык көрсөтпөдү. Давудоглу 2003-2009-жылдарда Эрдогандын кеңешчиси болуп турган убакта да, 2009-2014-жылдарда тышкы иштер министри кызматын ээлеп турганда да, 2015-жылы июнда өкмөт башчысы болгон убакта да Эрдоган менен эч кандай карама-каршылыкка кирбеди. Бирок, Эрдогандын шахсияты конституцияда көрсөтүлгөн символдук кызматка ыраазы болбойт. Ошондуктан, ал президентти мамлекеттеги биринчи кишиге айланта турган жаңы конституцияны тастыктатуу үчүн ыңгайлуу убакытты күтүп жаткан. Бирок, «Адилет жана Өнүгүү» партиясы 2015-жылдагы шайлоолордо адаттанган көпчүлүктүн добушун ала албады. Бул ийгиликсиздик Эрдоганга конституцияны өзү каалап жаткан президенттик түзүмгө өзгөртүү мүмкүнчүлүгүн бербеди. Ошондон кийин ал көбүрөөк добуш алуу үмүтүндө мөөнөтүнөн мурун шайлоолорду өткөрүүгө чакырды...

2 – 2015-жылдагы ушул шайлоолордон кийин Давудоглу тарабынан эки нерсе байкалды. Бул эки нерсе Эрдоганды тынчсыздантты:

Биринчи нерсе: Давудоглу президенттик түзүмдү Эрдоган каалагандай жан үрөп колдоп-кубаттабады. Бул, айрыкча Давудоглу 2015-жылы июндагы шайлоолордон кийин берген түшүндүрмөлөрүндө көзгө урунуп турат. Давудоглу бир телеберүүдө: «Биз президенттик түзүмгө өтүүнү каалаган элек, бирок, калк бизге андай укукту бербеди. Учурда жаңы иш тартиби бар, ушул иш тартибин баары этибарга алышы зарыл», - деди. (Milliet, 2015-жыл, 11-июнь). Бул нерсе Эрдоганды тынчсыздантып койду. Себеби, бул түшүндүрмө калк Эрдоганды президенттик түзүм маселесинде колдоп-кубаттабай жатканын көрсөтүп берген. Акыйкатта болсо, Эрдоган өзү калк тарабынан шайланганын жана бул калк анын көз караштарын (бул көз караштардын эң көзгө көрүнгөнү – президенттик түзүм) колдоп-кубаттап жатканын баса белгилеп келе жаткан!

Экинчиси: Давудоглу качкындардын Европага агып бара жатканы тууралуу Европа Союзу менен алып барылган сүйлөшүүлөрдө тайылгандыгы жана сүйлөшүүлөр учурунда Давудоглуну курчап турган абал о.э. Европа Давудоглу барышы-жөнөп кетиши учурундагы ага көңүл бурушу. Ал тургай, маалымат каражаттарындагы кээ бир саясий талдоолордо Түркия Америкадан алыстоо акысына Түркия менен Европанын жакындашуусу байкалып жатканы көрсөтүлгөн! Булардын баарына себеп ушул сүйлөшүүлөр Давудоглу менен Европа Союзунун өз ара пикир келишүүсү менен өткөнү болду. Бул абал Эрдоган жана анын артында турган Американы кабатырга салды. Эрдоган жана Америка Европа Давудоглуна таасир өткөрүшүнөн кабатырланып калышты. Айрыкча, Давудоглу Эрдоган сыяктуу саясий айла-амалдуу болбой, тескерисинче, саясий аң-сезими жөнөкөйлүккө жакыныраак болгону үчүн түлкү Европа анын ишенимине оңой эле кирип алышы же эч болбогондо анын достугуна жетишүүсү мүмкүн эле! Эрдоган жана анын артында турган Америка ушундан тынчсызданып калды... Ошентип, Европа Давудоглуну – эч болбогондо анын достугуна жетишип, бул достуктан башка максаттар үчүн пайдалануу үчүн – алдоого урунду... Ал эми, Эрдоган жана

анын артында турган Америка Европа Түркияга – ал тургай, алардын түшүнүгүндөгү достук менен болсо да – жылжып киришин каалабайт!

3 – Биринчи нерсеге келсек, ал Эрдоганды тынчсызданткан, бирок, Эрдоганга – анын жакындарынан бири болгон Давудоглуну мына ушундай кордоо көрүнүшүндө отставкага чыгарууга мажбур кыла турган – коркунуч туудурбаган эле... Давудоглу шайлоолор жөнүндө жогоруда айтылган таризде түшүндүрмө бергенине себеп – шайлоо натыйжалары «Адилет жана Өнүгүү» партиясы президенттик түзүмүн орнотуу мүмкүнчүлүгүн берген добуштардын үчтөн эки бөлүгүн алууга жетишишине алып келбегендиги. Ал тургай, анын ушул түшүндүрмөсү бутага алынган учурда да аны тынчтык менен чечүү мүмкүн эле. Себеби, Давудоглу кийинчерээк ага тескери сөздөрдү да айткан...

Бирок, бир жаңсыл токтомго келүүнү жана Давудоглуну ушул таризде отставкага чыгарууну талап кылган нерсе – экинчи иш жана Эрдогандын артында турган Америка болгону көрүнүп турат. Европа менен жакындашмакчы болгон саясатчыларга сабак болушу үчүн Давудоглу ушул таризде отставкага чыгарылды. Түпкүлүгүндө, Давудоглу Европа сызган сызыктан жүрбөгөн эле, а түгүл, европалыктар менен жакындашпаган болчу. Ал болгону алар менен бир аз достук таризде сүйлөшүү жүргүзгөн жана Эрдоганга окшоп Европага каршы кызуу сөздөрдү айтпаган. Натыйжада, Давудоглунун тагдыры ушундай болду!

Эми жогоруда айтылып өткөн экинчи нерсе ушул отставкага чыгаруунун артында турганын көрсөткөн далилдерге келсек, алар төмөнкүлөр:

а) Эрдоган 2016-жылы 1-апрелде Америкадан кайткандан кийин ушул иш-чараларына киришти. Ал Америкада Обама менен жолугушту. Мына ошондон кийин Эрдоган кайтып келип ушул чараларды көрүүгө киришти! Бул абал Обама 2015-жылы 30-сентябрда Путин менен жолугушканын эске салат. Ошондо Путин кайтып келип Сирияга аба чабуулу

менен аралашуусун жарыялаган! Ошентип, Обаманын Эрдоган менен жолугушканы, андан кийин Эрдоган кайтып келип Давудоглуну отставкага чыгаруу чараларын көрө баштаганы, булардын баары бул иште Американын колу бар экенин көрсөтүп турат. Америка муну менен Европанын Түркияга жылжып киришинин ар кандай ыктымалын жок кылмакчы болду. Америка муну менен Түркиядагы таасир бир гана Америка саясатына таандык болушун максат кылат!

б) Эрдоган Давудоглуну отставкага чыгаруу туурасында көргөн чаралары Европа Союзу менен алып барылган сүйлөшүүлөр дээрлик аягына жетейин деп калган убакта чокусуна чыкты! Мисалы, «Дарул хаят» сайты 2016-жылы 22-майда ушул кабарды таратты: «Бул токтом Түркия үчүн Европа Союзу менен өтө маанилүү келишим түзүлгөндүгү жөнүндө 4-майда Брюсселден «сүйүнчү» кабарлар келгенден кийин эле жана Евро комиссия Түркия бир нече жылдардан бери талап кылып келе жаткан нерсеге – т.а. түрктөр Европа Союзундагы Шенген зонасына кирүүлөрү үчүн виза алуу жөнүндөгү шартты бекер кылууга – ыраазылык бергени жарыя кылынгандан кийин эле кабыл алынды. Эрдоган жана Давудоглу муну майрамдап белгилөөнүн ордуна түрк президенти өзүнүн премьер-министрин чакырып жолугушту. Бир жарым саатка созулган бул жолугушууга жалгыз экөөсү гана катышты. Жолугушуунун аягында Давудоглу Эрдогандын командасынан чыгуу ниетинде экендиги маалымдалды. Бул болсо, экөөсү ортосунда кеминде он жылга созулган бекем алакага жарака кеткенин түшүндүрөт. Давудоглу партия конференциясынын биринчи чукул жыйынында «Адилет жана Өнүгүү» партиясынын төрагасы болуп бир добуштан шайланып, Эрдогандан кийин Түркиянын 62-өкмөт башчысы болгон эле. Ал шайлангандан кийин эле мамлекет башчысы анын ишине аралашып жатканынын белгилери байкалган. Себеби, Давудоглу Эрдогандан мамлекеттин тышкы жана регионалдык саясатын иштеп чыгууда партиянын ички каналдары аркылуу көрсөтмөлөрдү ала баштаган...».

4-май күнү Давудоглу Эрдоган менен бир жарым сааттан ашуун уланган жолугушуудан кийин 2016-жылы 5-майда басма сөз конференциясында (өз кызматынан «Адилет жана Өнүгүү» партиясы өткөргөн чукул жыйында кетишин жарыялады. Ал кошумчалап, анын бул чечими жеке тандоо натыйжасы эмес, зарылдык себептүү болгонун айтты. Ал: «Мен партиянын биримдигин сактап калуу үчүн партия төрагасын өзгөртүү максатка ылайык деген чечимге келдим, мен 22-май конференциясында талапкер көрсөтүү пикиринде эмесмин», - деп кошумчалады. skynewsarabia 2016-жыл, 5-май).

4 – Эрдоган бул отставкага чыгаруу токтомун кабыл алууга ушул кадамдар менен чөйрө даярдады:

а) Давудоглунун «Адилет жана Өнүгүү» партиясынын төрагасы катары региондордогу партия жооптууларын дайындоо (укугу) 2016-жылы 29-май күнү тартып алынды. «Рейтер» 2016-жылы, 2-майда ушуларды билдирди: «Жума күнү Адилет жана Өнүгүү партиясынын аткаруучу комиссиясынын жыйынындагы кадамдар – Түркияда аткаруучу укуктарга ээ президенттик башкарууну каалап жаткан адам т.а. Эрдоган менен парламенттик түзүм өзгөртүлгөндө укуктары чектеле турган адам т.а. Давудоглу ортосундагы алака кескиндешкенин көрсөткөн эң күчтүү далилдердин бири...».

б) 1-майда т.а. Давудоглунун кызматтан кетишинен төрт күн мурун жана партиянын борбордук кеңеши жыйынынан эки күн кийин интернет тармагында «пеликан досьеси» (pelican dosyasi) деген булагы жана ким тарабынан экендиги белгисиз бир досье пайда болду. Ал Давудоглу өз чечимин жарыялаганга чейин Түркиядагы саясий жана маалымат чөйрөлөрүнүн оозунан түшпөй калды.

Бул досьенин аталышы жок жана булагы да көрсөтүлбөгөн. Анын кириш сөзүндө бул досьени «президент алдына руху менен келген кишилердин» «ый-муңу» деп эсептөө керектиги айтылган. Досьедеги негизги пикир премьер-министр Давудоглу – досьеде «кожом» т.а. устаз деп көрсөтүлгөн –

президент Эрдоган сызган сызыктан чыгып, ага каршы төңкөрүш жасоого чечим кылынганын бир нече окуяларды жана ачык-ашкере, же парда артында, же телефондо айтылган сөздөрдү көрсөтүү аркылуу далилдөөгө каратылган. Досьеде келишинче, Эрдоган Давудоглунан президенттик түзүмдү колдоп-кубаттоо жана «ага каршы Батыштын төңкөрүш жасоого болгон аракеттеринен» коргоо жөнүндө убада алган. Досьеде баса белгиленишинче, Давудоглу убадасына бапаа кылбаган. Досьеде Давудоглунун көптөгөн тескери иштери жөнүндө да сөз болгон. Бул досьеде эч кандай ишенимдүү «далил» көрсөтүлбөгөнүнө карабастан, ал таркатылды жана Давудоглу жөнүндө айың кептер жайылды, ал жамандап көрсөтүлдү... Бул досьедеги нерселерге терең назар салынса, анын артында Эрдоганга жакын чөйрөдөгүлөр тургандыгынын ыктымалы күчтүүрөөк экени көрүнөт.

в) Эрдогандын жүгүртөктөрү ушул багытка кызмат кыла турган сөздөрдү тынымсыз айтышууда. Мисалы, Эрдоганга жакын кишилердин бири, парламент спикери Исмаил Кахраман: «Эки айдоочу башкарган автомашина окуялардан (кырсыктан) сактана албайт», - деп баса белгиледи. (http://www.france24.com/ar/2016.05.05). Түпкүлүгүндө, алар Давудоглунун жалаң гана «айдоочунун» жанында олтуруп келгенин абдан жакшы билишет!

5 – Күтүлгөндөй 2016-жылы 22-майда «Адилет жана Өнүгүү» партиясынын конференциясы шашылыш өткөрүлдү. Жыйында Бенали Йилдирим партия төрагасы болуп шайланды. Ошондон кийин Давудоглу өкмөт башчысы кызматынан кеткенин билдирди жана Эрдоган партиянын жаңы төрагасы болгон өзүнүн малайына жаңы өкмөттү түзүүнү сунуштады... Өкмөт да 2016-жылы 23-майда шашылыш түрдө түзүлдү. «Түркия президенти Режеп Таййиб Эрдоган шаршемби күнү президент аткаруучу бийлик үстүнөн көзөмөлдү бекемдөөгө чечкиндүү аракет кылганын алдын ала тастыктаган жаңы өкмөттүн биринчи жыйынына төрагалык кылды. Ошол эле учурда, оппозиция президентке кеңири укуктар берилсе тартипсиздиктер келип чыгышынан эскертти. Жаңы премьер-министр өз кызматын ээлеши

менен эле Америка жана француз моделине окшогон президенттик системаны кабыл алуу үчүн тездик менен «мүмкүнчүлүгүндөгү бардык нерсени ишке салышы» туурасында убада берди». (Арабийя: 2016-жыл, 25-май). «Түрк Пресс» 2016-жылы 24-майда өзүнүн сайтында мындай кабар таратты: «Адилет жана Өнүгүү партиясынын төрагасы Бенали Йилдирим премьер-министрлик вазыйпасын Ахмад Давудоглунан расмий түрдө кабыл алды. Бул ырасым Чанкая сарайында Йилдирим жаңы өкмөттүн курамын жарыялагандан кийин эле өткөрүлдү. Давудоглу сарайдан жабык эшиктер артында өткөрүлгөн жыйындан кийин өзүнүн жеке автомашинасында чыгып кетти. 30 мүнөткө созулган ушун жыйында Давудоглу өзүнүн вазыйпаларын Йилдиримга тапшырды. Ошол күнү Бенали Йилдирим президент Эрдоганга көрсөтүп анын ыраазылыгын алган жаңы өкмөт мүчөлөрүнүн тизмесин жарыялады. Ошондон кийин ал премьер-министр катары партия менен өзүнүн биринчи жыйынын өткөрүү үчүн Адилет жана Өнүгүү партиясынын башкы кеңсесине жөнөдү...».

«Адилет жана Өнүгүү» партиясынын чукул конференциясында бул партиянын чыныгы төрагасы Эрдоган экени көрүнүп калды. Бенали Йилдирим Эрдоганга көбүрөөк берилгендиги үчүн ал Эрдогандын биринчи даражалуу максаттарын тезинен ишке ашырат. Ошондуктан, ал «Адилет жана Өнүгүү» партиясынын төрагасы болуп шайланды. Бенали Йилдирим чукул конференцияда сүйлөгөн сөзүндө президенттик түзүм ылайыктуу түзүм экенин баса белгиледи жана бул партиянын башчысы Эрдоган экендигин айтты. Йилдирим «Адилет жана Өнүгүү» партиясынын жолу Эрдогандын жолу экенин да баса белгиледи.

6 – Ошентип, Давудоглуну отставкага чыгаруудагы ыктымалдагы күчтүү себеп – айтып өткөнүбүздөй – ал качкындардын Европага агып бара жатканы туурасында Европа Союзу менен алып барылган сүйлөшүүлөрдө тайылгандыгы жана сүйлөшүүлөр учурунда Давудоглуну курчап турган абал о.э. Европа Давудоглу барышы-жөнөп кетиши учурундагы ага көңүл

бурушу... Муну Америка, Европа жана Эрдоган тарабынан берилген билдирүүлөр тастыктап турат:

а) Америка берген билдирүүлөргө келсек, «АКШ мамлекет департаментинин өкүлү Марк Тонер бейшемби күнү Кошмо Штаттар Түркия премьер-министри Ахмад Давудоглунун отставкага чыкканын Түркиянын ички иши деп эсептешин билдирди». «Россиянын Спутник агенттиги, 2016-жыл, 5-май). Т.а. Америка муну ыраазылык менен кабыл алды!

б) Ал эми, Европанын билдирүүлөрү кескин түстө болду. Себеби, Британия басма сөзү бул окуяны «сарайдагы төңкөрүш» деп атап, премьер-министр Давудоглуну коргой баштады. Мисалы, «Ал-Жазира нет» 2016-жылы 1-майда ушул кабарды таратты: «Бүгүн Британия гезиттери Түркия президенти Режеп Таййиб Эрдоган менен премьер-министр Ахмад Давудоглу ортосундагы келишпестик жөнүндө толуп ташты. Мисалы, Файнэншл Таймстын жазышынча, түрк бийлигиндеги күрөш Түркиядан Европа Союзуна өтүп жаткан мигранттар агымын токтотуу жөнүндө түзүлгөн негизги келишимге коркунуч туудура турган болду. Мигранттар проблемасы боюнча Давудоглу немис канцлери Ангела Меркель менен жеке өзү сүйлөшкөн. Гезит президент Эрдоган анын премьер-министри кол койгон келишимди солгун кабыл алганын жана Европа Союзуна карата душмандык билдиргенин көрсөтүп өттү. Гезит Европа Союзу расмийлери түрк жарандары үчүн визаны бекер кылуу жөнүндөгү келишим Давудоглу менен Эрдогандын алкасына жарака кетирди эсептеп жатышканын жана Давудоглунун кулашы Еврокомиссия кече эле кол койгон ушул келишим боюнча алга кадам таштоону сунуштаганынан болгону бир нече сааттан кийин эле жүз берди деп жазды. Макалада Эрдоган султан президент, «неоисламчыл» жана Давудоглунун касташкан душманы деп аталды. Макалада Эрдоганда Европа Союзуна карата жакшы көз караш аз экени айтылды...».

в) Эрдоган болсо Европага асылып, аны эки жүздүү деп айыптады. Ал борбор Анкарада сүйлөгөн ушуларды айтты: ««Европа Союзу бизге террорчу уюмга каршы күрөштү азайткыла демекчи болуп жатат». Эрдоган бул сөздөрү менен Күртстан Жумушчулар партиясынын козголоңчуларына каршы Түркия алып барып жаткан согушка ишара кылды. Ал кошумчалап, Европа Союзуна «Силер качандан бери бул мамлекетти башкара турган болуп калдыңар, силерге бул укукту ким берди?» деген суроосун да берди». (Ал-Жазира нет, 2016-жыл, 12-май). Акыркы убакта Европа Союзуна жолдогон эң кескин сындоолорунун биринде Эрдоган бул союзду эки жүздүүлүктө айыптап ушуларды айтты: «Алар өздөрүн «терроризмге каршы күрөштө» туура кылып жатабыз деп ойлошууда, бирок, ал эми, бул иш бизге тиешелүү болгондо алар аны алгылыктуу эмес «ашыкча аракет» деп эсептешүүдө. Кечиресиңер, ачык айтайын, бул – эки жүздүүлүк деп аталат». (Ал-Жазира 2016-жыл, 12-май). «Ал-Жазира» 2016-жылы 25-майда ушуларды кабарлады: «Эрдоган европалыктарды түрк жарандарына визаны бекер кылуу үчүн Түркиядан маал-маалы менен жаңы өлчөөлөрдү талап кылбоого чакырды... Эрдоган Латын Америка мамлекеттери Түркиядан анын жарандары виза менен кирүүсүн бекер кылуу үчүн мындай оор шарттарды талап кылбаганын айтып «Бирок, Түркия Европа Союзунун мүчөлүгүнө талапкер мамлекет, ошондой болсо да алар эмне үчүн бул шарттарды талап кылышууда?» деп кошумчалады».

7 – Ушуга ылайык, Давудоглуну отставкага чыгаруудагы башкы себеп Давудоглу президенттик түзүмдү жан үрөп колдоп-кубаттабаганы эмес, тескерисинче, ал – жогоруда баян кылганыбыздай – Европа Союзу менен алып барылган сүйлөшүүлөрдүн ушул узун сызыгында тайылганы болду. А түгүл, Давудоглу президенттик системаны жан үрөп колдоп-кубаттабаганы Эрдоганды тынчсызданткан болсо да, бирок, бул башкы себеп эмес. Эрдоган премьер-министрди кулатуу аркылуу Түркия толугу менен Америка кучагына киришин камсыздоо жана Британия менен Европанын

Түркия жөнүндөгү арзуулары каршысында эшикти бирер убакытка чейин жабуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду... Ошондуктан, Эрдоган «Адилет жана Өнүгүү» партиясынын Давудоглуну отставкага чыгаруу жана партиянын жаңы төрагасын дайындоо жөнүндөгү ушул токтомдорун кабыл алган чукул конференциясын «Түркиянын жаңы тарыхындагы эң маанилүү саясий бурулуш деп атады. Бул болсо ушул конференциядан кийин партия жана мамлекет жетекчилигинде чоң өзгөрүүлөр болушун көрсөтүп турат. Бул ачык-айкын көрүнүп турган нерсе. Ал партиянын кырк пайыздан көбүрөөгү өзгөргөн жаңы жетекчилиги тизмесинде анык көрүнгөн. Бул өзгөрүү өкмөт жана мамлекеттин көптөгөн рычагдарында да уланышы күтүлүүдө. (Түрк Пресс, 2016-жыл, 24-май). Муну конференцияда Эрдогандын кайрылуусу «Ордунан тике туруп тыңдалды, ал Адилет жана Өнүгүү партиясы конференцияларындагы бир жаңы абал, ал партия жана мамлекет пирамидасы негиздөөчүсүнүн жол башчысын жана жетекчилигин баары кабыл алып жатканынын белгиси... деп айтылган сөздөр тастыктап турат». (Түрк Пресс, 2016-жыл, 24-май).

Давудоглуну партия жана өкмөт башчылыгынан отставкага чыгаруу себеби туурасында мен күчтүүрөөк эсептеген ыктымал ушул. Валлоху Аълам ва Ахкам.

**23-шаъбан, 1437-х.**

**30-май, 2016-м.**

## Түркия жана анын кошуналары менен мамилеси

**Суроо:** *Түркия премьер-министри 2016-жылы 13-июлда: «Түркия Сирия менен нормалдуу алакаларды кайра жандантат», - деди. «Заман-арабий» 2016-жылы 13-июлда ушул кабарды басып чыкты: «Түркия премьер-министри Бенали Йилдирим Түркия Сирия менен нормалдуу алакаларын кайра жандантат деп билдирди»... Түркиянын Сирияга карата саясаты капыстан карама-каршы тарапка өзгөрүшүнүн артында кандай себеп турат? Анын себеби Түркия менен Сирия ортосундагы келишимби? Же*

*Түркия саясатына таасир кылган Америка саясатыбы? Аллах сизге жакшылыктарын насип кылсын.*

**Жооп:** Суроодогу маселелердин Жоопу айкын болушу үчүн төмөнкү абалдарды карап чыгабыз:

**Биринчи:** Давудоглу отставкага кетип Бенали Йилдирим премьер-министрлик кызматын ээлегенден кийин Түркия-Россия жарашуусу жөнүндө сөздөр айтыла баштады. Бул жөнүндө «Түркия пост»то 2016-жылы 4-июнда келди т.а. президент Эрдоган 2016-жылы 22-майда Бенали Йилдиримга премьер-министр кызматын сунуш кылгандан он күн өтүп Йилдирим: «Жаңы өкмөт Россия менен алакаларды нормалдаштырууга болгон аракетин жасайт жана Иран менен кызматташтыкты бекемдейт», - деп билдирди. Программанын текстинде мындай делет: «Түркия Россия менен алакаларды диалог аркылуу нормалдаштыруу аракетин улантат». Андан кийин 2016-жылы июнь айынын ортосунда байланыштар ылдамдады. Ошондон кийин иштер өзгөчө ылдамдап, чаташ билдирүүлөр берилип шектүү, таң калычтуу түрдө ачыктала баштады:

**1 – Өзгөчө ылдам иш-аракетке келсек,** Түркия позициясы – суроодо көрсөтүлгөндөй – карама-каршы тарапка өзгөрдү. Бул ачык ашкере болду:

а) Орус самолёту аба мейкиндигин бузуп өткөнү үчүн кечирим сурабашын айтып келген Түркия 2016-жылы 27-июнда кечирим сурады: «Кремлдин расмий өкүлү Дмитрий Песков «Түрк президенти каза болгон орус учкучунун үй-бүлөсүнө көңүл айтып, кечирим сурады» деди. Ал кошумчалап Эрдоган «Түркия менен Россия ортосундагы салттуу достук мамилелерин жакшыртууга болгон күчүн жумшоосун» айтканын көрсөтүп өттү». (Арабийя, 2016-жыл, 27-июнь).

б) Сирия калкын, өзгөчө Түркман тоосун бомбалап жаткан Путин душман эле, азыр болсо аны менен сүйлөшүү достук сүйлөшүүсүнө айланды! Эрдоган 2016-жылы 29-июнда Путин менен телефон аркылуу байланышты.

«Түркия президентинин аппаратындагы булактарга ылайык, телефон аркылуу сүйлөшүү достук маанайда өттү». (Арабий Жадид, 2016-жыл, 29-июнь)...

в) Түркия Россия менен Сириядагы куралдуу кыймылдарды түрлөргө бөлүүдө келише албай келе жаткан. Азыр болсо бул эки мамлекет келишип, кызматташтыкта аракет кыла турган болушту. «... Россия тышкы иштер министри Лавров менен Түркия тышкы иштер министринин Сочиде 2016-жылы 1-июлда болгон жолугушуусунда Сирия темасы эки мамлекет өз ара келишип алган эң маанилүү тема болду. Эки мамлекет терроризмге каршы күрөшүү жөнүндө өз ара келишип алды. Орус тышкы иштер министри Сергей Лавров Москва менен Анкара ортосунда Сириядагы террорчуларды түрлөргө бөлүүдө келишпестиктер болушун четке кагып, терроризмге каршы согушта эки тарап ортосундагы кызматташтык кайра башталышын баса белгиледи». (Русиял Явм, 2016-жыл, 1-июль).

Түркия Сириядагы «террорчу жамааттарды» түрлөргө бөлүүдө Россия менен келишим тапканы дагы бир этибарлуу маселе. Себеби, Түркия бир нече жылдардан бери Сирия оппозициясын колдоп-кубатташын жарыялап келе жаткан позицияны карманган. Ал эми, жогорудагы келишим мурункусунан бүтүндөй башка жаңы тема.

г) Орус президенти Путин менен Эрдоган ортосунда жолугушуу өткөрүү тездешти. Бул жолугушууну 2016-жылы сентябрда Кытайда өткөрүүгө чечим кылынган. Түрк тышкы иштер министри эки президент ортосундагы бул жолугушуу эртерээк, август айында Россияда өткөрүлүшүн маалымдады. «Интерфакс агенттиги түрк тышкы иштер министринин орус президенти Путин менен түрк президенти Режеп Таййиб Эрдоган август айында Сочиде жолугушат деген сөзүн келтирди. Өз кезегинде орус тышкы иштер министри: «Орус жана түрк армиялары ортосунда Сирия жаатында кызматташуу алып барылышына үмүт кылабыз» деди». (Арабийя нет, 2016-жыл, 2-июль)...

д) «Орус президенти Путин өзүнүн түрк кесиптеши менен телефон менен байланышкандан кийин туризм жаатында Түркияга киргизилген санкцияларды бекер кылууга көрсөтмө берди жана эки мамлекет ортосундагы нормалдуу соода алакаларын жандантууну буйрук кылды. Путин премьер-министр Дмитрий Медведевден алакаларды нормалдаштырууга негиз болгон зарыл мыйзамдуу оңдоп-түзөтүүлөр тууралуу сунуштарды даярдоону талап кылды». (Русиял Явм, 2016-жыл, 11-июль).

**2 – Билдирүүлөрдүн чаташтыгына келсек:**

а) Түрк тышкы иштер министри 2016-жылы 4-июлда анын мамлекети Россия «Сириядагы террорчуларды» бомбалоо үчүн Аданадагы «Инжирлик» аскерий аба базасынан пайдаланышына тоскоолдук кылбашын билдирди. Андан кийин Түркиянын муну четке кагышы белгисиз бойдон калды. «Түрк тышкы иштер министри «орус самолёттору инжирлик аба базасынан пайдаланышы мүмкүнбү?» деген суроого жооп берип жатып: «Орус самолётторунун бул базага келишине ишара кылган эч кандай түшүндүрмө айта албайм» деди». (Ал-Жазира нет, 2016-жыл, 4-июль).

б) «Түрк премьер-министри Бенали Йилдирим анын мамлекети Россияга «Су-24 орус аскерий самолётун атып түшүрүү акыбетинде жеткирилген зыянды төлөөгө даяр экенин билдирди. Белгилүү болгондой, түрк президенти Режеп Таййиб Эрдоган бул окуя тууралуу өзүнүн орус кесиптеши Путинден кечирим сураган жана Россия менен Түркия ортосундагы мурунку алакаларды кайра жандантууга чакырган». (Год, 2016-жыл, 28-июнь). Ошондон кийин бул нерсе четке кагылды, «Ошол эле учурда, түрк премьер-министри Бенали Йилдирим бул окуя үчүн Россияга компенсация төлөө жөнүндөгү билдирүүлөрүн танды. Маалымат каражаттары Йилдиримдин «Россияга компенсация төлөө маселеси талкууга коюлган жок» деген сөзүн таркатты. Бул кабар Йилдирим бир интервьюсунда «Анкара эки мамлекет ортосундагы алакаларга зыян жеткирген бул окуя

үчүн компенсация сунуштоого даяр» деп айткандан кийин келди». (Би-Би-Си, 2016-жыл, 28-июнь). Ошондон кийин, компенсация төлөөгө окшогон нерсе болду. «Түркиянын «Кемер» курортунун мэри Анталия шаарында орус башкы консулу менен жолугушуу учурунда каза болгон учкучтун үй-бүлөсүнө бир квартира берүүнү сунуштады». (Русиял Явм, 2016-жыл, 1-июль)...

**Экинчи: Булардын бардыгы жөнүндө кеңири пикир жүргүзүү менен бул иштердин артындагы себепти түшүнүү мүмкүн...** Ушул шашкалактык жана чаташтык бул окуялар жергиликтүү иш эместигин көрсөтүп турат. Антпесе, мындай таң калычтуу тездик менен карама-каршы тарапка өзгөрүү болбойт эле. Тескерисинче, бул шашкалактык жана чаташтык чет элден буйрук берилгенин көрсөтүп турат. Ушул буйрукту берген тараптын кызыкчылыгы үчүн бул буйрук аткарылышы шарт... Бирок, буйрук берген тарап ким жана анын кызыкчылыгы кандай? Ал тарап – Америка, кызыкчылык – Сирия режими менен илманий саясий чечимге келишүү. Муну ырастап турган далилдердин айрымдары:

1 – Америка Сирия режимин колдоодо жана козголоңчуларды бул режим менен сүйлөшүү алып барууга мажбур кылууда болгон күчүн жумшады. Американын максаты илманий негизде бул режим менен шерик болгон башкарууну түзүү. Америка бул максатка Иран, анын хизби жана куралдуу топтору аркылуу урунду. Бирок, бул аракети кыйрады. Ошондон кийин Америка бул максатка Россия, анын ракеталары, аскерий самолёттору, аскерий кемелери аркылуу урунду. Бирок, бул аракети да кыйрады. Америка бул максатка Саудия аркылуу да урунуп айрым куралдуу топторду курамына алган сүйлөшүү өткөрүүчү делегацияны түздү. Ошого карабастан, бул аракеттери ийгиликке жетишпеди... Азыр Америка жогоруда айтылган жүгүртөк куралдары ийгиликсиздикке учураган нерседе Түркия ийгиликтүү роль ойношу мүмкүн деп ойлоодо.

2 – Түркия менен Россиянын жарашуудагы эң көзгө көрүнгөн ураанı – Сирия. Себеби, эки тарап жаңы жолугушууларда жана байланыштарда Сирия кризиси үчүн чечим табуу зарыл экенин катуу баса белгилөөдө жана «террорчу жамааттарды» түргө бөлүүдө экөөсү ортосунда эч кандай карама-каршылык жок экенин жарыялашууда. «... Россия тышкы иштер министри Лавров менен Түркия тышкы иштер министринин 2016-жылы 1-июлда Сочидеги жолугушуусунда Сирия темасы эки мамлекеттин жарашуудагы темаларынын эң маанилүүсү болду. Эки министр терроризмге каршы согушуу зарылдыгы туурасында бир пикир билдиришти, орус тышкы иштер министри Лавров Москва менен Анкара ортосунда Сириядагы террорчуларды түргө бөлүүдө келишпестиктер болушун четке кагып, эки мамлекет ортосунда терроризмге каршы күрөш боюнча кызматташтык кайра башталарын баса белгиледи». (Русиял Явм 2016-жыл, 1-июль). «Орус тышкы иштер министри Сергей Лавров Сирия кризисин чечүү боюнча Анкара менен боло турган диалог дагы да айкындуулук менен өзгөчөлөнүшүнө үмүт билдирди. Бул диалог орус-түрк алакалары нормалдашкандан кийин башталат. «Русиял Явм» каналы Лавровдун ушул сөздөрүн келтирди: «Мен бул сүйлөшүүлөр Сирия кризисин жеңип өтүү жөнүндө күчтүү ортоктош көз караштарды табууда бизге жардам берет деп үмүт кыламын...». Лавров өткөн айдын аяктарында түрк кесиптеши Мавлуд Чавушоглу менен болгон акыркы жолугушууга түшүндүрмө берип жолугушуудагы диалог айкын түрдө өткөнүн билдирди. Ал: «Биз Коопсуздук Кеңешинин жана Сирияга жардам көрсөтүүчү эл аралык топтун токтомдорун колдонуу жаатында келишүүлөргө жетишүү үчүн дагы да ачыгыраак түстөгү кеңешүүлөрдү өткөрөбүз» деп кошумчалады». (Набаъ Арабий, 2016-жыл, 12-июль).

3 – Түркия достордун алкагын кеңейтишин, бул алкакка Сирия режими да киришин маалымдады. Бул, этибарды өзүнө тарткан жана Түркия төмөндүккө канчалык терең малынганын анык көрсөтүп турган билдирүү. «Түркия премьер-министри Бенали Йилдирим «Сирия кризисин чечүү

мүмкүн, бирок, баары кризис үчүн курмандыктарды бериши керек» деди. Йилдирим «Стратегиялык шериктерибиз жана эл аралык коалициядагы шериктерибиз Сирия жараатына дары коюуга аракет кылышы зарыл» деп кошумчалады. Ал Түркия өзүнүн коопсуздук чөйрөсүн бекемдөөгө жана достор алкагын кеңейтүүгө аракет кылышын маалымдап, бул жаатта Түркия баары менен, алардын катарында Россия, Ирак, Сирия, Миср, Израиль, Кошмо Штаттар жана Европа Союзу мамлекеттери менен алакаларды өнүктүрүүгө аракет кылып жатканын көрсөтүп өттү». (Ал-Жазира нет, 2016-жыл, 5-июль)... Чаташ билдирүүдөн кийин 2016-жылы 13-июнда Сирия режими менен нормалдуу алака орнотуу жөнүндө анык билдирүү берилди. Заман-арабий 2016-жылы 13-июнда ушуларды жазып чыкты: «Түрк премьер-министри Бенали Йилдирим Түркия Сирия менен нормалдуу алакаларды кайра жандантат деп билдирди». Бул кабарды башка маалымат каражаттары, алардын катарында Рейтер жана Арабийя да таратты...

**Үчүнчү: Америка Түркиянын азыркы ролунан пайдаланып** Сирия оппозициясына күчтүү басым өткөрүп, аны Женева багытына жана тынч чечимге кайтууга мажбур кылмакчы. Бул планда оппозицияны Сирияда «согуштук аракеттерди» токтотуу тууралуу 2016-жылы 27-февралдагы Россия-Америка келишимине амал кылууга мажбурлоо да камтылган... эгер, Сирия оппозициясы сүйлөшү багытына кошулууну четке кага турган болсо, бул оппозициядан баш тартуу тууралуу коркутуу да бар. Америка түрк-орус кызматташтыгын көрсөтүү аркылуу опузаламакчы. «Орус тышкы иштер министри: «Биз орус жана түрк армиялары ортосунда Сирия жаатында кызматташууга үмүт кылабыз». (Арабийя нет, 2016-жыл, 2-июль)... Ошентип, Түркия орустардын Сирияга аралашуусуна каршылык кылбай турган болду. Анткени, Түркия террордук чабуулдарга учуроодо. Ошондуктан, Сирия оппозициясы «террорчу жамааттарга» каршы – Америка, Россия, Түркия каалап жаткандай – күрөшүүгө киришүүсү керек. Түркиянын бул коркутуусу оппозициянын ушул бөлүгүнө таасир кылат. Анткени, оппозициянын бул

бөлүгү Түркиядан дале жардам үмүт кылууда, Эрдоган экинчи Хамага таптакыр жол бербейт деп ишенүүдө жана Түркия менен болгон байланыштарын улантууда. Ошондуктан, Америка ушул жамааттарды режим менен сүйлөшүүлөргө барышына үмүт кылууда... Түркия «Мамлекет уюмунун» терроруна каршы согушуп жатканын шылтоолоп саясий каражаттар менен басым өткөрүүдөн аскерий каражаттарга өтүшү да ыктымалдан алыс эмес. Т.а. Түркия да Россия оппозицияны бомбалоодо пайдаланып жаткан шылтоодон пайдаланат! Орус тышкы иштер министринин орус жана түрк арамияларынын кызматташуусу жөнүндө айткан сөздөрү ушул ыктымалга далалат кылат...

**Төртүнчү: Обама демократ өтмүшдөшү Билл Клинтон аракет кылгандай аракет кылмакчы.** Клинтон президенттигинин акыркы жылында «Палестина Азаттык уюмун» менен яхудийлерди чогултуп Палестина маселесин чечүү боюнча сүйлөшүү өткөрүүгө болгон күчүн жумшаган. Клинтондун бул аракети ийгиликсиз чыккан болсо да, бирок ал Абу Аммар менен Ехуд Баракты бир жерге чогултууга жетишкен... Азыр Обама Сирия оппозициясы менен Сирия режимин сүйлөшүү алып барууга чогултуу үчүн болгон күчүн жумшоодо. Обама муну менен президенттигинин акыркы жылында айтууга арзый турган ишти жасаганын көрсөтмөкчү. Бирок, Клинтон менен Обаманын аракетинин ортосунда айырма бар: Клинтондун аракет күчү анын малайлары алдында көрүнгөн болсо, Обама малайлары жана жүгүртөктөрү жардамында аракет кылууда жана анын аракеттери ушул малайлардын артында турат! Ошондуктан, Америка Обама доорунда көбүрөөк майлайларына таянууда. Америка Иранга жана анын топторуна таянат, Ирандан кийин Россияга таянды. Ал эми, Америка Сирияда дагы туңгуюкка кирип калганда Эрдоганга Россия менен жарашууну буйруду. Максат, Россияны шыктандыруу жана Сириядагы козголоңчуларды бомбалашын жеңилдетүү. Америка ушул аркылуу

козголоңчуларга басым өткөрүп аларды режим менен сүйлөшүү алып барууга мажбур кылмакчы.

**Бешинчи: Ошентип, Түркия Россия менен жарашууга умтулуусу,** Сирия жаатында кескин бурулушу жана Асад режими менен сүйлөшүүлөр жолун ачышы – Американын Сириядагы кырдаалга карата саясатын шашылыш түрдө аткаруу гана. Мындан башка нерсе эмес. Анткени, Иран жана орустардын Сириядагы аралашуусу туңгуюкка кептелип калгандан кийин Америка Түркияны Иран жана Россия тарапка багыттоого шашылды. Америка ушул аркылуу өзүнүн Сириядагы таасирин сактап калмакчы жана Сирия козголоңунун Исламий абалына чекит коймокчу... Түрк режими чыныгы жүзүн мына ушинтип ачып алганы жана Халабды, анын тегерегин, Сириядагы бир канча жерлерди тынымсыз бомбалап жаткан Россия менен кызматташтык кыла баштаганы Эрдоган жана анын режимине алданып адашкан адамдардын көзүн ачышы керек. Алар Эрдоган режими менен алаканы үзүп, америкалык кафирлердин жана алардын малай түрк акимдеринин фитналарынан алыс турушу керек. Бул малайлардын козголоңду колдоп-кубаттоо, Хама жана Халабга жардам берүү, Россия жана башка баскынчылар жөнүндөгү адаштыруучу билдирүүлөрүнүн жалганы улам ачылып барууда... Бул билдирүүлөрдү шамал учуруп кетти, текерисинче бул билдирүүлөргө тескери билдирүүлөр бериле баштады! Жада калса, бул билдирүүлөрдүн ээси Акса шарифти жана мубарек жердин башка жайларын басып алган баскынчы яхудий вужуду менен достук алакасын орнотту: «Түркия жана Израиль шейшемби күнү алты жыл үзүлүп калган алакаларды кайра жандантуу келишимине кол койду. Түркия менен Израиль ортосудагы алакалар Газа секторуна каршы киргизилген блокаданы 2010-жылы майда жоюуга урунган түрк активисттери түшкөн кемеге Израиль деңиз күчтөрү чабуул кылгандан кийин үзүлүп калган. Ошол чабуул акыбетинде активисттердин ону өлтүрүлгөн... Азыркы кол коюлган келишим боюнча Газа секторуна карата киргизилген деңиз блокадасы – Түркиянын

бекер кылуу жөнүндөгү талабына карабастан – алынбайт, ошону менен бирге секторго белгиленген гуманитардык жардамдар Израиль порттору аркылуу жеткирилет. 2010-жылы «Мармара» кемесине чабуул жасаганы үчүн кечирим сураган Израиль өлтүрүлгөндөрдүн жана жараат алгандардын үй-бүлөлөрүнө 20 миллион доллар төлөп берүүгө макулдук берди. Келишимде түрк парламенти ушул чабуулга катышкан израилдик аскерлерди жазага тартпоо жөнүндөгү мыйзамды тастыктоо керектиги талап кылынган». (Рейтер, 2016-жыл, 28 июнь). Демек, бул жарашуу яхудий койгон шарттар негизинде болду, Газаны блокадага алуу жоюлбады. Түркия палестиналыктарды алдоо үчүн Газага жардам жөнөтмөк болду. Бул жардамдар яхудийдин толук көзөмөлү астындагы Усдуд порту аркылуу өткөрүлөт!

Ошентип, Палестинаны, Акса мечитин басып алган яхудий вужуду менен Эрдоган жана анын режими ортосунда достук алакалары башталды. Ал эми, Газа секторундагы блокада алынбады, тескерисинче Эрдоган режими яхудий вужуду менен кол койгон ушул келишимде, түрк парламенти ошол кемедегилерди өлтүргөн яхудий аскерлерин – арзыбаган долллар акысына – жазага тартпоо жөнүндө мыйзам кабыл алуусу талап кылынган!

Ошентип, Сирияны күнү-түнү бомбалап жаткан Россия «Сирияда терроризмге каршы күрөшүүдө» Түркия менен кызматташтык кыла турган болушту! Алардын ортосундагы диалог «мыкты достук өңүтүндө» өтө турган болуп калды! Ал тургай, орус тышкы иштер министри Сирия жаатында орус жана түрк армияларынын кызматташуусун талап кылды!

Акырында ушуну айтабыз, биз бул сөздөрдү тигил малай эс-акылына келип, бушайман болуп оңдолор, Чыгыш же Батышка жалтактап жаткан тигил малайлар, топтор жана жүгүртөктөр Палестинаны же Сирияны азат кылышар деген ойдо айтып жаткан жокпуз. Тескерисинче, бул сөздөрдү:

***«Роббиге** (кыямат күнүндө) **үзүрүбүздү айтуу үчүн жана балким** (алар) **Аллахтан коркушар»*** [7:164] деген максатта айтып жатабыз...

Бул сөздөрдү: ***«Албетте мында** (билгич) **жүрөк ээси болгон же өзү күбө болгон абалда** (т.а. чын дилден) **кулак салган киши үчүн»*** [50:37] эскертүү болушу үчүн айтып жатабыз. Ал эми, Палестинаны же Сирияны: ***«… соода да, алды-сатты да Аллахты зикр кылуудан алаксыта албаган кишилер»*** [24:37] азат кылат. Алар – Аллахтын изни менен – албетте азат болот. ***«Албетте силер анын кабарын** (бир аз) **убакыттан кийин билип аласыңар»»*** [38:88]

**9-шаввал, 1437-х.**

**14-июль, 2016-м.**

**Түркиядагы ийгиликсиздикке учураган аскерий төңкөрүштүн жалпы баяны**

**Суроо:** *Дээрлик бир күн өтө элек болсо да, бирок, мен Түркияда болгон төңкөрүш жасоо аракетине – үстүртөн болсо да – айкындык киргизип берүүңүздү үмүт кыламын: анын артында ким турат? Чынында эле Гулен жамаатыбы? Же армиядагы англиспарас офицерлерби? Бул окуядан кийин эмне болушу мүмкүн? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын!*

**Жооп:** 2016-жылдын 15-16-июль күндөрү Түркияда болгон окуяларды күзөтүп, ой жүгүртүү натыйжасында, мамлекет төңкөрүшүн жасоого урунгандар авантюрист, коркунуч астында калган англиспарас аскерий офицерлер экенинин ыктымалы көбүрөөк деп билебиз. Муну ушул фактылар көрсөтүп турат:

1 – Алардын коркунуч астында калганы ушунда: адатта жыл сайын ушул айда т.а. июлдун аяктарында же август айынын баштарында Түркиянын жогорку аскерий кеңешинин жыйыны болуп өтөт. Бул кеңештин армиядагы укугу күчтүү жана маанилүү. Бул жыйын премьер-министрдин төрагалыгы астында Анкарадагы башкы штабдын кеңсесинде өткөрүлөт. Ага коргоо министри, армия башкы штаб башчысы, жөө күчтөр командачысы, аба күчтөрү командачысы, жандарм күчтөрүнүн командачысы, башкы штаб башчысынын экинчи орун басары... катышат. Кеңештин кезектеги

жыйынында ушул нерселер талкууланат: аскерийлердин наамдардын көтөрүү, кээ бир командачылардын кызмат мөөнөтүн узартуу, запаска чыгарууга тиешелүү маселелер, аскерийлерди тартипти же ахлакий норманы бузганы үчүн аскерий кызматтан четтетүү жана булардан башка түрк куралдуу күчтөрүнө байланыштуу маселелер. Жыйын бир нече күнгө созулуп, кабыл алынган токтомдор республика президентине сунушталгандан кийин жарыяланат. Адатта бул жыйында армия командачыларынын жана башка жогорку наамдагы аскерийлердин кызмат вазыйпаларына чекит коюлат. 2015-жылы 2-августта өткөрүлгөн ушул жыйында кызматтан бошотулган аскерийлердин бири ошол убактагы аба күчтөрүнүн командачысы Акын Озтүрк болгон. Кабарларга ылайык, ушул төңкөрүшкө урунуу үстүндө ушул Акын Озтүрк жана башка командачылар турушкан.

Чамасы, мамлекеттик төңкөрүш жасоо амалиятын кылган офицерлер Жогорку аскерий кеңештин жыйынында кабыл алына тургон токтомдор алардын кызматтарын коркунуч астына коёт деп билишкен, же аларга ушундай кабар «жылжып жеткен», натыйжада алар жыйын өткөрүлүшүнөн мурун этият чарасы катары (шашкалактык менен) ушундай амалиятты жасашкан көрүнөт.

2 – Эми, алар авантюрист англиспарас офицерлер экенине келсек, белгилүү болгондой, англистерге берилген кишилер армиянын ядросу болгон. АКШ Озал доорунан бери ушул ядрого жарып кирүүгө урунуп келди, бирок, мунун өтөөсүнөн чыга албады. Өтөөсүнөн чыга албаган соң, полиция жана ички коопсуздук күчтөрүнө таянды. Кийин Эрдоган доорунда АКШ негизги этибарды армия ичине кирүүгө каратты жана белгилүү бир деңгээлде ийгиликке да жетишти... Бирок, түрк армиясы ичинде англис таасири сакталып кала берди. Эрдоган алардын канаттарын кырккан болсо да, бирок, баарын жок кыла албады. Ошолордун айрым офицерлери бүгүнкү төңкөрүштү жасашты.

Алар авантюрист экенине келсек, бул төңкөрүштүн планын иштеп чыккандар англистер экени ыктымалдан алыс. Көбүрөөк ыктымал ушул: анын планын ушул офицерлер өздөрү түзгөн, англистер болсо аларды өз абалына таштап койгон... Себеби, планды кылдат текшерилсе, анда англистердин ыплас иштери жана айлакердиги көрүнбөйт. Мисалы, бул төңкөрүшчүлөрдүн билдирүүлөрүндө илманийликке басым жасалган, бул болсо алардын акмактыгы болуп эсептелет. Себеби, учурда көпчүлүк түрктөр арасында исламий туйгулар кеңири жайылган, мындан улам, илманийлик урааны аларды коркутуп провокация кылып жиберет, Мустафа Камалдын жана анын тарапкерлеринин башкаруусун эске салат, камалчылар Ислам жана мусулмандарды кандай жек көрүшкөнүн, Ислам жана мусулмандарга кандай айла-амалдарды кылышканын эске салат. Демек, бул төңкөрүшчүлөрдүн илманийлик идеясы акмактык болду, Мустафа Камалдын тарапкерлерин жек көргөн адамдарды көчөлөргө чыгууга үндөдү, алар камалчыларды жек көрүүсү Эрдоганды жакшы көрүүлөрүнөн да жогору турат. Башка маанилүү нерсе да бар: төңкөрүшчүлөр амалияттын башкы сааттарында мыкты план түзүшпөдү, төңкөрүш жарыялоодон мурун саясатчыларды, жетекчилерди т.а. президентти жана өкмөттөгүлөрдү камакка алуулары керек эле, алар болсо өз кызматтарында олтурушкан! Бул, мыкты пландалган аракет эмес, бул төңкөрүштү уюштургандардын кыжырдануусу деп айтуу мүмкүн!

Булардын баары ушундай божомолду бекемдейт: бул төңкөрүш аракетин англиспарас офицерлер – Жогорку аскерий кеңештин токтомдоруна карата этият чарасы катары (шашкалактык менен) – жасашты, бул Кеңеш алардын армия кызматында калышын коркунуч астына коёт деп ойлошту. Бул маселе ушундай божомолдон ашыкча нерсеге барып такалбайт о.э. муну аңдап жетүү кыйын эмес.

3 – Айыпты Гуленге шылтоолоо да жалган. Себеби, Гулен жамааты социалдык-маданий, соттук иштерге жакын, колонизатор мамлекеттердин

жардамысыз эч бир төңкөрүшкө кудуреттүү эмес, аларда аскерий кубат жок. Бул биринчиден, экинчиден, бул жамаат Америка буйругуна карайт, анын уруксатысыз бир кадам да шилтебейт. Америка Эрдоганды, айрыкча азыркы убакта, АКШ кызыкчылыктарына кызмат кылууда эң күчтүү адам деп билүүдө. Америка үчүн Түркия Сирия жаңжалынын чечими маселесинде «акыркы ок» болуп турат. Түркия премьер-министри «Түркия Сирия менен алакаларды кайра жандантышын» билдирди.

Гулен – АКШ үчүн зарыл болгондо пайдаланыла турган шахмат фигурасы. Гулен 2002-жылдан бери «Адилет жана Өнүгүү» партиясын шайлоолордо үч ирет колдоп берди. Ал тургай, 2013-жылда бул партия менен алардын ортосунда келишпестик жаралып, Эрдогандын тегерегиндегилердин коррупция проблемасы көтөрүлгөндө да, Гулен жамаатынын «Даршан» тармагы жаап коюлганда да Гулен жамааты «Адилет жана Өнүгүү» партиясын колдоп-кубаттады. Гулен запас жолу болуп эсептелет. Ал эми, бир колонизатордун малайлары ортосундагы чыр-чатак, атаандаштык, жада калса, күрөш бул колонизатор үчүн зыян эмес. Кайсынысы үстөм келсе, колонизатор ошонусун колдоп-кубаттай берет. Буга Миср президенти Анвар Садат менен Миср вице-президенти Али Сабрий ортосундагы чатакты мисал кылууга болот. Негизи, экөөсү тең Америкага малай. Ошого карабастан, Анвар Садат Али Сабрийдин жамаатын таратууга жана камакка алууга жетишкен.

Кыскасы, жогоруда айтканыбыздай, Гулен жамааты төңкөрүшкө урунушу ыктымалдан алыс. Бирок, Гулен жамаатындагы айрым адамдар, өзгөчө, күрт судьялары Эрдогандан көргөн басымдарга жооп катары бул төңкөрүшкө жеке адам катары катышкан болушу мүмкүн.

4 – Шек-күмөнсүз, Эрдоган армияда англистердин күчү – азайган болсо – бар экенин, төңкөрүш аракетинин артында англиспарас аскерийлер турганын түшүнүп жатат, түшүнсө да, Гуленди айыптоодо. Себеби, англиспарас аскерийлерди ачык-ашкере айтуу ушул аскерийлердин аброюн

көтөрөт, ачык-ашкере айтпай жок кылуу алардын аброюн төгөт. Ал эми, Гулен жамааты аларчалык чоң абройго ээ эмес... Эрдоган англиспарастарды ызы-чуусуз жок кылууну каалайт. Ошондо алар көзгө көрүнбөй, алардын тегерегинде эч ким бирикпейт. Буга акрама-каршы түрдө, Эрдоган Гулен жамаатын ызы-чуу менен алсыратууну каалайт. Себеби, алар англиспарастарчалык күчкө ээ эмес.

Ушул окуяга карата көбүрөөк ыктымалдагы пикирибиз ушундай. Эмнеси болгондо да, бул төңкөрүш мыкты пландалбаган иш болду. Тескерисинче, аны кыжырдануу, акылга салынбаган, башаламан авантюра десе болот. Маанилүүсү окуя эмес, анын артынан күтүлүп жаткан нерселер.

5 – Мунун артынан эмнелер күтүлүп жатканына келсек, мамлекеттик төңкөрүш жасоо аракети натыйжасында жүзөгө келген дүрбөлөң эки тарапка таасир кылат:

Америка жана Эрдоган болуп өткөн окуядан пайдаланып, армиядагы англиспарас күчтөрдү жок кылуу, эч болбогондо таасирлерин эң төмөн деңгээлге түшүрүү үчүн болгон күчүн ишке салышат. Алар англиспарас күчтөрдү кеңири көлөмдө репрессия кылууга шылтоо болушу үчүн ушул окуя көлөмүн ашыра көрсөтүшүүдө. Табигый түрдө, Эрдоган атаандашы Гуленди алсыратуу үчүн окуядан мүмкүн болушунча т.а. Америка сызган сызыктан чыкпай пайдаланууга аракет кылат. Миңдеген кишилердин камакка алынышы буга жаркын далил.

Ал эми, экинчи тарапка келсек,  Британия төңкөрүштү пландабаган, ыкма жана каражаттарды белгилебеген, тескерисинче, аны төңкөрүшчүлөргө таштап койгон болсо да, окуянын акыбеттерин эсеп-китеп кылып койду. Ошондуктан, Британия абалды абдан күзөтүшү, өз малайларына белгилүү бир даражада болсо да аброюн кайтаруу үчүн жооп аракетин жасашы мүмкүн. Муну Америка менен Эрдоган да күтүп жатышат. Ошондуктан, Обама Түркияда болгон окуяны талкуулоо үчүн – кудум окуя АКШ улуттук коопсуздугуна зыян жеткиргендей – Улуттук коопсуздук жыйынын өткөрдү,

ыктымалдагы эл аралык реакцияларга каршы туурууну эсепке алды. Эрдоган да англиспарас кимселердин ар кандай реакциясын жок кылуу үчүн адамдарды аянттарга чыгууга, аэропорт жана мечиттерден кетпөөгө буйруду.

6 – Сөзүмдүн соңунда ушуну айтмакчымын, окуя өтө кайгылуу болду... Себеби, төгүлгөн кан англистердин же америкалыктардын каны эмес, биздин кан... Ойрон болгон имараттар, аэропорттор жана аянттар АКШ же Британияныкы эмес, биздики... О.э. окуя болгон сааттар биздин өлкөдө, биздин арабызда болду... Бул бизди кайгыга салат. Бирок, бул караңгылыкта бир аз болсо да нур бар... Т.а. бул адамдар көчөлөргө такбир-тахлил айтып, Аллоху Акбар деп чыгышты. Себеби, төңкөрүшчүлөр илманийликти ачык жарыялап Түркиядагы мусулмандардын кыжырын козгошту, ушул нерсе аларды көчөлөргө чыгып, өз динине жардам берүү үчүн танктарга каршы турууга үндөдү. Алар Эрдоган жана анын режимин жакшы көргөндүктөн бул аскерий төңкөрүшкө каршы турушкан жок, тескерисинче, илманийлик жана анын малайларын жек көрүшкөндүктөн төңкөрүшкө каршы чыгышты. Бул – бийликтин да, төңкөрүшчүлөрдүн да илманийлигин четке кагуу болду. Анткени, илманийлик кайда болбосун албетте карамүртөздүк алып келет... Адамдар төңкөрүштүн илманийликке негизделгенин көрүп исламий туйгулары кыжырданды. Себеби, бул төңкөрүш Мустафа Камал жана анын тарапкерлеринин жолунан бара жаткан, адамдар алардын Ислам жана мусулмандарды жек көрүүсүн жана айла-амалдарын өз башынан өткөрүшкөн... Ал эми, режимдин илманийлигине исламий «тон» кийдирилгени адамдарды бир аз болсо да тынчтандырууда... Андыктан, мусулмандардын акыйкат жана адилет мамлекети болсо кандай болмок, Пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалык аларды адилет жана ынсаф менен башкарса, Аллахтын өкүмдөрүн колдонуп, Аллах жолунда жихад кылса, адамдар бул дүйнөдө ушул өкүмдөр менен азиз болушса жана акыретте утушка жетишишсе кандай болмок?! …кандай болмок?! Анда адамдар ушул Халифалыкты мал-жаны менен, туйгулары менен, марттыгы

менен, бардык нерселери менен коргошот... Себеби, мусулмандар – инсандар үчүн чыгарылган үммөттөрдүн эң жакшысы болгон жалгыз Үммөт.

***«Силер адамдар үчүн чыгарылган үммөттөрдүн эң жакшысы болдуңар: маъруфка буюрасыңар, мункардан кайтарасыңар жана Аллахка ыйман келтиресиңер»*** [3:110]

Адамдар Аллахтын өкүмдөрү менен башкара турган, мусулмандарга Расулуллах агабайрагы көлөкө сала турган рошид Халифалыкты – инша Аллах – кучак жайып кабыл алышат. Бул, Аллахка таптакыр кыйын эмес.

**12-шаввал, 1437-х.**

**17-июль, 2016-м.**

## Түркиядагы жардыруулардын артында эмне турат?

**Суроо:** *2016-жылы 17-декабрда дагы бир жардыруу жүз берди... «Түрк куралдуу күчтөрү билдирүүсүнө ылайык, ишемби күнү Түркия борборундагы Кайсери аймагынын Эржиес университетинин жанында жардыргыч заттар толтурулган автомашинаны жардыруу акыбетинде 13 аскер өлүп, 48 жайкын жаран жараланды...». (Си-Эн-Эн арабийя сайты, 2016-жыл, 17-декабрь). Өткөн ишемби түнү да, 2016-жыл 10-декабрда, Истамбул борборундагы Бешикташ клубунун стадиону жанында эки жардыруу болуп, 38 киши (алардын 30у полициячы) өлгөн. Кийин өлгөндөрдүн саны 44 кишиге жетти. «Күрдстан азаттык ылаачындары» уюму бул эки жардыруу жоопкерчилигин өз мойнуна алганын жарыя кылды. Азыркы жардыруу артында да ушул уюм турабы? Бу уюмдун сахна артындагы кандай жашыруун жактары бар? Бу жардыруулар артында кандай себебдер бар? Аллах сизди жакшылыктар менен сыйласын.*

**Жооп:**

1 – 2016-жылы 10-декабрда Истамбулдагы жардыруу тууралуу айта турган болсок, аны «Күрдстан азаттык ылаачындары» уюму өз мойнуна алды. Муну уюм өз жарыясында билдирди:

–«Күрдстан Жумушчулар партиясынан» бөлүнүп чыккан «Күрдстан азаттык ылаачындары» жамааты жекшемби күнү Истамбул шаарындагы стадион сыртында жүз берген эки жардыруу жоопкерчилигин өз мойнуна алганын жарыя кылды. Ушу эки жардыруу акыбетинде 38 киши өлүп, 155 киши жараланды... жамаат өзүнүн электрондук сайтында быйыл Түркияда болгон башка жардыруулардын жоопкерчилигин да өз мойнуна алышын, ишемби түнү жүз берген эки чабуулду да ал амалга ашырганын билдирди... Бу эки чабуул – ишке ашпай калган төңкөрүшкө урунуудан жана жыл башынан бери жүз берген бир нече жардыруулардан өзүнө келе албай жаткан бу мамлекетте тынчсыздык абалын пайда кылды... Ишемби күнкү чабуулдар Бешикташ футбол командасынын Вадафан стадиону жанында, футбол оюну бүткөндөн эки саат кийин жүз берди. Бу чабуулдарда полициячылар бутага алынганы көрүнүп турат...». (Анкара-Рейтер, 2016-жыл 12-ноябрь). Кийинчерээк курбандыктар саны артты: «Ишемби түнү Истамбулда жүз берген эки жардырууда курбан болгондор саны 44кө жетти. Бул тууралуу саламаттыкты сактоо министрлиги билдирди жана түрк маалымат каражаттары хабар таркатты. Саламаттыкты сактоо министри Режеб Акдаг Анкарада парламент алдында мындай деди: «Бир кандуу чабуулда полициябыздан 36 кишини жана сегиз жаранымызды жоготконубуз абдан кайгылуу»... (Лондон: «Шаркул Авсат онлайн» – 2016-жыл 12-декабрь).

2 – 2016-жылы 17-декабрдагы жардырууну болсо эч кайсы тарап өз мойнуна албады. Лекин, түрк расмийлери өздөрүнүн баянаттарында «бүгүнкү жардыруу өткөн ишембидеги, 2016-жыл 10-декабрдагы жардырууга окшойт» деп билдиришти: «Түркия вице-премьер-министри Нуъман Куртулмуш: «Мамлекет борборундагы Кайсериде сакчылыктан кайтып келе жаткан аскерлер түшкөн автобуска миналанган автомашина менен кылынган чабуулда колдонулган жардыргыч заттар өткөн аптадагы Истамбулдагы эки жардырууда колдонулган жардыргыч заттарга окшош», - деди. Куртулмуш муну NTV телеканалы менен болгон маегинде билдирди. 13 киши өлүп, 55

киши жараланган бу чабуул жоопкерчилигин эч кайсы тарап өз мойнуна албады...». (Арабийя нет, 2016-жыл 17-декабрь). «Өз кезегинде түрк президенти Режеб Таййиб Эрдоган: «Күрдстан Жумушчулар партиясы бу чабуулга жоопкер» - деди. Эрдоган бир баянатта «жикчил террористтик уюм» бу чабуулдан жоопкер деп айтканда, мындай чабуулдар Ирак жана Суриядагы окуялар өнүгүшүнө байланыштуулугун көрсөтүп өттү. Түрк президенти «жикчил террористтик уюм» сөзүн бир нече жолу колдонуп, муну менен Күрдстан Жумушчулар партиясына ишара кылды. Белгилүү болгондой, бу партияны Кошмо Штаттар, Европа Союзу жана Түркия террорчу уюмдар тизмесине киргизген...». (Арабийя нет, 2016-жыл 17-декабрь).

Ушуларга ылайык, демек, 2016-жылы 17-декабрдагы жардырууну амалга ашырган тарап 2016-жылы 10-декабрдагы эки жардырууну амалга ашыргандын өзү экендиги, ал «ТАК» деп аталган «Күрдстан азаттык ылаачындары» уюму экендиги ыхтымалы күчтүү.

3 – Эми бул уюмдун жашыруун жактары жана вакиъсине келсек, муну Күрдстан Жумушчулар партиясындагы – анын негиздөөчүсү Өжалан камакка алынгандан кийинки – өзгөрүү жараяндарын баян кылган соң айтабыз:

а) Өжалан 1999-жылы Кения борбору Найробиде камакка алынгандан кийин, Күрд Коомдук Союзу жетекчилигинин алтылык комиссиясы түзүлдү. Бул уюм Күрдстандын калган бөлүктөрүндөгү күрд партияларына салыштырмалуу абдан татаал түзүлүшү менен айырмаланып турат. Себеби, бу уюм төрт ири партиядан турат, ал партиялардын сабында көптөгөн жаштар, студенттер, аялдар уюмдары, социалдык уюмдар, коммуналдык кызмат жана коопсуздук комитеттери бар... Бул партиялар: Түркиядагы Күрдстан Жумушчулар партиясы (PKK), Сириядагы Демократиялык Союз партиясы (PYD), Ирактагы Демократиялык чечим партиясы (PÇDK), Ирандагы Азат жашоо үчүн партиясы (PJAK). Бу

партиялардын ар биринин өз жетекчилиги жана структурасы бар. Лекин, бу партиялар Күрд Коомдук Союузунун курамына кирет. Бу уюмга 1999-жылдан бери Мурат Карайылан башчылык кылып келет.

б) Күрдстан Жумушчулар партиясында Мурат Карайылан башчылыгы доорунда Түркияга карата өз позициясын жумшартуу болду. Себеби, Абдуллах Өжалан 1999-жылы колго түшкөндөн бери Күрдстан Жумушчулар партиясынын максаддары кыскарып, Күрдстандын толук эгемендүү болушун талаб кылуудан социалдык акы-укуктарга ээ болуу; жана күрддөр менен түрктөргө гана тиешелүү болгон автономиялуу башкаруунун бир формасын талаб кылуу даражасына түштү. Бу Америка планы боюнча, түрк өкмөтү менен Өжалан ортосунда түзүлгөн келишимдерден кийин жүз берди. Ошондон кийин Күрдстан Жумушчулар партиясы менен түрк өкмөтү ортосунда тынчтык өкүм сүрдү.

в) Күрдстан Жумушчулар партиясы менен түрк өкмөтү ортосундагы алака Мурат Карайылан доорунда бир кыйла жумшактык жана тынчтык менен уланды. Бу түрк өкмөтү менен күрддөр ортосундагы абалды жумшартуу боюнча Америка сызып берген план боюнча ишке ашты. Америка планынан кийин, эки тараф ортосундагы жумшартуу иштери бири-бирине уланып кетти. Айрыкча, 2012-жылдын акырларынан тартып ушундай болду:

•2012-жыл 16-декабрь: Түрк разведка башчысы Хакан Фидан Имрали аралына барып, Абдуллах Өжалан менен жолугушту.

•2012-жыл 9-декабрь: Режеб Таййиб Эрдоган өкмөткө караштуу TRT каналында Өжалан менен учурашуулар өткөзүлгөнүн билдирди.

•2013-жыл 21-март: Абдуллах Өжаландын кайрылуусу наврузду белгилөөгө топтолгон калк алдында окуп уктурулду. Кайрылууда Өжалан курал-жаракты таштап, саясий күрөш баштоого чакырган. Өжалан мындай деген: «Курал-жаракты таштоо жана куралдуу топ мүчөлөрүнүн Түркия

жерлеринен чыгып кетүү кези келди. Бул күрөш бүттү дегенди түшүндүрбөйт, балким, башка түрдөгү күрөш башталганын түшүндүрөт».

•Кошмо Штаттар Күрдстан Жумушчулар партиясынын жетекчиси Абдуллах Өжаландын партияга тиешелүү козголоңчуларды «куралды таштоого» чакырып кылган кайрылуусун алкыштады. Кошмо Штаттар бу чакырыкты «оң кадам» деп баалады. Түрк өкмөтү да бу чакырыкты алкыштады. Бирок, бу чакырык түрк улутчулдарынын нааразылыгын козгоду... Америка тышкы иштер министрлигинин расмий өкүлү Виктория Нуланд: «Өжаландын ок атууну токтотушун жарыя кылышы Түркияда 30 жылдан ашык убактан бери болуп келе жаткан зомбулукту жоюуда жардам бериши мүмкүн» - деди. Нуланд кошумчалап: «Кошмо Штаттар да тынч жол менен чечимге жетишүү үчүн түрк өкмөтү жана кызыкдар тараптар жумшаган күч-кайраттарды алкыштайт, тынч жол менен боло турган чечим Түркияда демократияны бекемдейт» - деди...». (Ал-Жазира нет, 2013-жыл 22-март).

•2013-жыл 4-апрель: 63 кишиден турган судъялар комиссиясы түзүлдү. Комиссия мүчөлөрү күрд маселесин өз ара келишип чечүү боюнча диалог өткөрүү үчүн Түркиянын түрдүү жактарын кезип чыгууга киришишти.

•2013-жыл 25-апрель: Кандил тоосундагы жетекчилердин бири Мурат Карайылан жүздөгөн журналисттер алдында уюм 2013-жылдын 8-майынан тартып Түркия жерлеринен чыгып кетүү амалиятын баштарын билдирди.

г) Бу тынчтык жана жумшак позиция Мурат Карайылан башчылыгы доорунда болуп турду. Кийин Күрдстан Жумушчулар партиясынын тогузунчу конференциясында Мураттын ордуна Жамил Байик шайланды. Мына ошондон тартып иштер катуулукка карай кете баштады: «Июнь жана август айларында Кандилде Күрдстан Жумушчулар партиясынын тогузунчу конференциясы болуп өттү. Анда 162 мүчө катышты. Конференцияда партия жетекчилиги курамында өзгөрүүлөр жүз берди. Байик Карайыландын ордун ээледи. Ал ашыкча үч добуш алып,

Карайыланды артта калтырды...». (Күрдстан демократиялык партиясы сайты, 2013-жыл 6-ноябрь).

Комиссия жетекчилигине жетип барган өзгөрүү айрым күрд жана түрк чөйрөлөрү назарында мурунку баскычка каршы бир саясий ыңкылаб жасады. Комиссия жетекчилиги бүтүндөй жаңыдан шайланды. Ал алты кишиден (3 эркек, 3 аял) турду. Ага таанымал жетекчи Жамил Байик төрага болду. Партия жетекчилигинде жүз берген өзгөрүү партия стратегиясында бир жаңы бурулуш жасады. Кийинки окуялар мына ушул саясатка далалат кылып турат:

•2013-жыл 5-июль: Күрдстан Жумушчулар партиясынын Кандил тоосундагы аскерий жетекчилеринин бири Жамил Байик жана аны менен бирге Бесе Хозат Күрд Коомдук Союзунун (КСК) жетекчилигине шайланды.

•2013-жыл 31-июль: Жамил Байик Би-Би-Сиге берген интервьюсунда: «Уюм – эгер түрк өкмөтү келерки жылдын июлуна чейин сезилерлик кадамдарды таштабаса – чыгып кетүү амалиятын токтоторун айтты. Ушуну менен гана чектелбей, уюмдун чыгып кеткен мүчөлөрүнүн түрк жерлерине кайрадан кайтышы» мазмунундагы эскертүүнү да жолдоду.

•2013-жыл 19-август: Жамил Байик улуттук жарашуу бузулса Түркия ичиндеги коопсуздук абалы мурункудан да жаман болорун билдирди.

•2013-жыл 9-сентябрь: Күрдстан Коомдук Союзу (КСК) Күрдстан Жумушчулар партиясы уюму мүчөлөрүнүн түрк жерлеринен чыгып кетиши бүтүндөй токтотулганын жарыя кылды.

•2013-жылы 3-декабрь: Жамил Байик Түркиядагы окуялардын акыркы жараяндары тууралуу кайрылуу менен чыгып, мындай деди: «Эгер абал ушундайча улана берсе, Түркияда согуш чыгары анык. Биз түрк өкмөтүнө мөөнөт берип, келерки жазга чейин талабдарыбызды аткарышын айттык. Түрк өкмөтү бу талабдарды аткарса, проблема жарашуу жолу менен чечилет. Эгер шарттарыбыз кабыл алынбаса, анда түрктөр менен мамилени мындайча улантышыбызга мүмкүнчүлүк калбайт».

•2014-жыл 20-декабрь: Жамил Байик: «Куралды таштоо күрддөр үчүн өлүм менен барабар» деди.

•2015-жыл 12-июнь: Элдик демократиялык партиясынын төрагасы Салахиддин Демирташ Күрдстан Жумушчулар партиясынын жетекчиси Абдуллах Өжаландын чакырыгына ылайык куралдарды ташташы мүмкүндүгүн айтты. Ага Күрдстан Коомдук Союзу минтип раддия билдирди: «Баары төмөнкү акыйкатты аңдап жетиши лазым: түрк мамлекетине каршы куралдуу күрөштү токтотуу маселесин биз гана чечебиз. Бул жаатта эч кимдин рай билдиришке акысы жок. Баары ушуну да билип коюшу керек, Элдик демократиялык партиясы биздин саясий канатыбыз эсептелбейт, арийне, Элдик демократиялык партиясынын жетекчилиги курал ташташыбызды талаб кыла албайт. Биз жетекчибиз Өжаландын бизден азыркыдай шарт-шараиттерде курал ташташыбызды талаб кылышына ишенбейбиз... Биз бардыгына ушуну да билдирип коймокчубуз, биздин куралды таштабоо туурасындагы токтомубуз Өжалан талабдарын четке кагуу эсептелбейт жана биз Элдик демократиялык партиясынын саясий иш алып барышына тосук коймокчу да эмеспиз».

•2015-жылы 11-июлда Күрдстан Коомдук Союзу (КСК) ок атууну токтотуу тууралуу Түркия менен 2012-жылдан баштап түзүлгөн бүтүм бүткөнүн билдирип, муну «түрк мамлекети аскерий блокпостторду жана позицияларды кургандыгы» менен актады... Бул Күрдстан Коомдук Союзу (КСК) аткаруу кеңешинин ортоктош жетекчилиги чыгарган баянатта билдирилди. Жетекчилик баянатта: «Түрк мамлекети жарашуу шарттарын бузду» - деп билдирди... (ARA NEWS 2016-жыл 12-июль).

•2015-жылы 14-июлда Күрдстан Коомдук Союзу башчыларынын бири Бесе Хозат «Келерки баскыч Түркияда козголоң көтөрө турган калк амалга ашыра турган согуш баскычы» деген макала жазды. Бу макала «Өзгур Гундем» газетасында басылып чыкты.

д) Жогорудагылардан айкын болгондой, Күрдстан Жумушчулар партиясы Мурат доорунда – бу партия менен түрк өкмөтү ортосундагы жарашууга тиешелүү Америка келишүүсүн аткарууда – Америка планына жакыныраак болгон эле. Ал баскыч эки тарап ортосунда 2013-жылы мартта тынчтык келишимин түзүү менен аяктады. Ошол доордо айрым күрддөр тарабынан билдирилген нааразылык бөлүнүүлөргө жана пикир келишпестиктерге алып келди. Мурат Карайылан доорундагы (1999-2013) тынчтык айрым күрддөрдүн кыжырын келтирди. Себеби, алар муну кайсы бир деңгээлде жеңилүү деп билишер эле. Мына ушундай кырдаалда ТАК деп аталган Күрдстан азаттык ылаачындары уюму 2004-жылы Күрдстан Жумушчулар партиясынан бөлүнүп чыкты. Бу уюмга 1993-жылы Күрдстан Жумушчулар партиясына байланыштуу абалда негиз салынган эле. Азыр болсо бу уюм – билдиришинче – эгемендүү аракет алып барууда. Бу уюмдун структурасы эгемендүү болуп, өздөрүнө эч кимдин алакасы жоктугун айтышууда. Алар өздөрүн структуралык жактан «фидайий күчтөр» деп аташат. Алардын негизги максады түрк армиясынын аскердик инфраструктурасына сокку бериш жана туризм секторун кыйратуу. «Ылаачындардын» (ТАК) 2005-жылдагы биринчи амалияты туристтер түшкөн автобусту бутага алуу болду. Мунун акыбетинде 5 киши өлүп, 20 киши жараланды. 2008-жылдан баштап «ТАК» уюму Түркия сыяктуу эле Кошмо Штаттар тышкы иштер министрлиги тарабынан да террорчу уюм деп жарыяланды жана «чет элдик террорчу уюмдар» тизмесине киргизилди. Европа Союзу да аны террорчу партия деп эсептейт.

е) Тогузунчу конференция шайлоолорунда жүз берген өзгөрүүдөн кийин жана 2013-жылы августта Жамил Байик төрагалыкка келгенден кийин Жумушчулар партиясы англистер планына ыктап, Эрдоган жана анын өкмөтүн жардыруу жана өлтүрүп кетүү амалияттарынан турган иштер менен бутага ала баштады.

Бул «Ылаачындар» амалияттарында даана көрүнөт. Айрыкча, быйыл ушундай болду. Себеби, Күрдстан азаттык ылаачындары уюму түрк коопсуздук күчтөрүнө каршы өз амалияттарын эки эсеге көбөйттү. Өткөн жылдын акырларынан баштап быйыл жыл бою амалияттар абдан күчөдү, акыркы амалият 2016-жылдын 17-декабрында жүз берди. Бул амалияттарга жаркын назар таштасак, төмөнкү ишти анык көрө алабыз:

•2015-жылы декабрда – Истамбулдагы Сабиха Гөкчен ракеталар менен бутага алынды, бу чабуул бир кызматчы аялдын курбан болушуна алып келди.

•2016-жылы февралда – Анкарада жардыргыч заттар жайгаштырылган автомашина жарылды, бу чабуул 28 кишинин өлүмүнө алып келди, алардын көпчүлүгү аскерлер.

•2016-жылы мартта – Анкарада жардыргыч заттар жайгаштырылган автомашина жардырылды, бу чабуул бир кишинин курбан болушуна жана ондогон кишилердин жаракаттанышына алып келди.

•2016-жылы июнда – Истамбулдагы Везнечилер районунда жардыргыч заттар жайгаштырылган автомашина жардырылышы акыбетинде 11 киши өлдү жана 36 киши жаракаттанды, алардын көпчүлүгү полициячылар.

•2016-жылы октябрда – Истамбулдагы Ени Боснада мотоцикл жардырылышы акыбетинде 10 киши жараланды.

•2016-жылы ноябрда – Түркия түштүгүндөгү Аданада бир үйдүн дарбазасы алдында жардыргыч заттар жайгаштырылган автомашина жардырылышы акыбетинде бир нече жайкын жарандар өлдү жана ондогон кишилер жараланды.

•2016-жылы 10-декабрда – Бешикташта жүз берген кош жардырууда 44 киши өлүп, (алардын көпчүлүгү полициячылар) 200гө жакын киши жараланды.

•2016-жылы 17-декабрда – «Түркия борборундагы Кайсери аймагынын Эржиес университети жанында жардыргыч заттар жайгаштырылган

автомашина жардырылышы акыбетинде 13 аскер өлдү жана 48 киши жараланды, алардын арасында жайкын жарандар да бар. Бу тууралуу түрк куралдуу күчтөрү тарабынан чыгарылган баянатта билдирилди. Коопсуздук булактарына караганда, «жардыргыч заттар жайгаштырылган автомашина Эржиес университетине кире бериштеги, аскерлерди алып бара жаткан автобус жанында жардырылган. Аскерлер дем алыш күнүн өткөрүү үчүн чыгышкан эле». (CNN арабийя сайты, 2016-жыл 17-декабрь).

ё) Жогоруда айтылган бардык фактыларды үйрөнүп чыгуу менен Күрдстан азаттык ылаачындарынын жашыруун саясий жагы төмөнкүдөй экендиги айкын болот:

Жамил Байик 2014-жылы 20-декабрда «Куралды таштоо күрддөр үчүн өлүм менен барабар» деп билдиргенден кийин, Байик башчылыгындагы Күрдстан Жумушчулар партиясы кырдаалды курчутууга киришти, мындай кескиндик 2015-жылы 12-июлда күчөп кетти. Себеби, Байик башчылыгындагы Күрдстан Коомдук Союзу (КСК) Эрдоган өкмөтү менен түзүлгөн ок атууну токтотуу бүтүмү токтогонун жарыялады. Муну менен бир катарда ылаачындар уюму (ТАК) түрк өкмөтүнүн эң маанилүү кызыкчылыктарына каршы, айрыкча, коопсуздук күчтөрүнө каршы амалияттарды күчөттү, акыры келип 2016-жылы 10 жана 17-декабрь күндөрүндөгү эки амалият жүз берди.

Бул дегени, Ылаачындар уюмунун жашыруун жагы жөнүндөгү күчтүүрөөк ыхтымал – анын азыр Америка малайы Эрдоган өкмөтүнө каршы Европа планына, өзгөчө, Британия планына жакын турган Байик планына дал келүүдө – деген ыхтымал.

ж) Муну Күрдстан Жумушчулар партиясын негиздөөчүлөрдүн бири Жамил Байик айткан сөздөр тасдыктап турат. Ал 2016-жылы 15-мартта, Британиянын «Таймс» гезитине берген интервьюсунда мындай деди: «Биз Эрдоганды о.э. Адилет жана Өнүгүү партиясын кулатууну каалайбыз.

Себеби, Эрдоган жана анын партиясы кулатылмайын, бу мамлекетте эч качан демократия болбойт». (Би-Би-Си, 2016-жыл 15-март).

Республикачыл элдик партиясынын төрагасы, англистер малайы Кылычдароглу да түрк соода үйлөрү жана биржалары союзунун 72 конференциясында сөз сүйлөп: «Бу президенттик система эмне өзү? Бир адам сүйлөсө, бүт Түркия унчукпай угат. Бу президенттик системаны бул мамлекетте колдонуу кан төгүүсүз мүмкүн эмес» деди. (www.tna24.com 2016-жыл 13-май).

з) Булардын баарынан анык көрүнүп тургандай, Истамбулдагы акыркы жардыруулар артында англистер турат. Мунун артында турган факторго келсек, ал төмөнкү иштер алкагынан чыкпайт:

- Англистердин малайлары урунган акыркы төңкөрүштү улантып, Түркиядагы Америкага малай режим үчүн туруксуздук абалын жаратуу. Себеби, англистер Түркиядагы бу режимди өзгөртүү оңойго турбашын жакшы билишет. Себеби, Эрдоган Америка үчүн Түркияда күчтүү таянычтарды түзүп койду. Ошондуктан, бу режимди өзгөртүү оңой эмес. Лекин, таасир өткөрүп, тынчсыздык жана туруксуздук келтирип чыгаруу мүмкүн. Туруксуздук кайталана берсе, режим таянычтары алсырайт.

- Бу маселенин бир тарабы, башка тараптан болсо, Түркиядагы парламенттик системага Англия – 1924-жылы Халифалык кулагандан кийин – өз малайы Мустафа Кемел колу менен негиз салган. Бул Түркиядагы парламенттик системанын «чокундурган атасы» Британия экенин түшүндүрөт. Ошондуктан, Эрдоган жана анын артында турган Америка парламенттик системаны президенттик системага өзгөртүп, республика президентине дагы да көбүрөөк ыйгарым укуктар бериш аркылуу бул эшикти биротоло жаап салууну каалоодо. Британия болсо президенттик системаны каалабайт. Мурунураак, Республикачыл элдик партиясынын төрагасы, англистер малайы Кылычдароглу «Бу президенттик системаны бул мамлекетте колдонуу кан төгүүсүз мүмкүн эмес» дегенде, Түркиянын

«Сабах» газетасы өзүнүн башкы бетинде «Ал (Кылычдароглу) парламентти, элди жана саясатты акаараттап жатат» деп жазды. Газета муну менен Руспублика элдик партиясынын төрагасы Кылычдароглу «Бу президенттик системаны бул мамлекетте колдонуу кан төгүүсүз мүмкүн эмес» деген сөздөрүнө ишара кылды...». (Түркия пост, 2016-жыл 13-май).

Тыянак: Британия өзүнүн малайлары, анын ичинде Күрдстан азаттык ылаачындары ишке ашырып жаткан өлтүрүү жана жардыруу амалияттары аркылуу бир ок менен эки коён атмакчы болууда: Америкага малай түрк режиминде туруксуздук пайда кылуу жана Эрдогандын парламенттик система ордуна президенттик система киргизишине күч менен каршы туруу. Ал эми, бу амалияттар бир автономия пайда болушуна алып келет деген ойго келсек, бу иштин жакынкы келечекте жүз бериши ыхтымалдан алыс.

•Сөзүмдүн акырында айтарым, мусулмандардын каны Ислам жана Уммат үчүн эмес, колонизатор кафирлер кызыкчылыгы үчүн төгүлүп жатканы кандай гана кайгылуу... Бирок, буга карабастан, бу Уммат эң жакшы уммат. Ал узакка созулган уйкудан кийин, Аллахтын урухсаты менен, албетте бутка турат. Уммат тарыхындагы окуялар мына ушуну айтып турат. Себеби, кресттүүлөр, андан кийин монгол-татарлар бу Умматка каршы согушуп, Халифалык борбору Багдадды уратышкандан кийин, Дажланын тунук сууларын кан жана сыяларга аралашкан кызыл-кочкул түскө айландырышкандан кийин, Ислам Мумматы кайрадан бутка турган. Умматтын Кустантиниияны (азыркы Истамбулду) фатх кылышын ким күткөн эле? Лекин, Аллахка садык чыныгы эр азаматтар бар. Алар адилетсиздикке көз жумуп уктап жата беришпейт жана зулмга унчукпай туруп беришпейт. Алар иштерди өз орду-ордуна коюшмайынча жана рошид Халифалыкты өз негиздерине кайтарышмайынча күрөшө беришет. Алардын тили мындай деп жатат: ***«Момундар арасында өздөрү Аллахка берген ахд-шерттерине садык болгон кишилер бар. Анан алардан*** *(айрым)* ***кишилер өз шерттерине турушту*** *(шахид болду)*, ***алардан*** *(айрым)* ***кишилер***

***болсо*** *(шахид болууга)* ***ынтызар. Алар*** *(Аллахка берген шерттерин)* ***өзгөртүшкөн жок»*** [33:23]

**Бул чындык:**

﴿إِنَّ اللَّهَ بَالِغُ أَمْرِهِ قَدْ جَعَلَ اللَّهُ لِكُلِّ شَيْءٍ قَدْرًا﴾

***«Албетте, Аллах Өзү*** *(каалаган)* ***ишине жетүүчү, чынында Аллах бардык нерсе үчүн кадар-өлчөө кылып койгон»*** [65:3]

**21-рабиул-аввал, 1438-х.**

**20-декабрь, 2016-м.**

**Анкардагы Орусия элчисинин өлтүрүлүшүнүн артында эмне турат?**

**Суроо:** *Түркиянын борбору Анкарда коопсуздук кызматынын кызматкери тарабынан 2016-жылы 19-декабрда Орусиянын Түркиядагы элчиси Анкарадагы көркөм сүрөт галереясында сүйлөп жаткан мезгилде атып өлтүрүлдү. Бул окуя ошол замат маалымат каражаттары тарабынан таратылды. Кийин Түркия өкмөтү бул окуянын артында Гулен турат деп билдирүү берди. Түркия өкмөтүнүн Гуленге карата бул доомат туурабы? Мындай амалга эмне себеб түрткү болду. Аллах сизге жакшылыктарды жазган болсун.*

**Жооп: Биринчиден, окуянын чоо жайы:**

1 – Акырка мезгилдеги Халаб мусулмандарынын башына түшкөн трагедиялуу көрүнүш мусулмандардын туйгуларын козгоду. Бул трагедия мусулмандарды буга каршы бир амал кылууга түрттү. Ислам жана мусулмандардын биринчи душманы Америка көрсөтмөсү менен Халаб мусулмандарына кыянаттык кылып жаткан Эрдогандын кыянатчылыгы да ачыла баштады. Ошондой эле, Америка кызматчысы болгон Орусиянын, тогут Башардын жана анын союдашы Ирандын Ливандагы партиясы аркылуу кылынып жаткан кылмыштарынын бети ачылды.

2 – Коопсуздук кызматкери элчини өлтүргөндүн артынан эле Ислам ураандарын айтты. Анда ал араб тили менен мындай деди: «Биз Мухаммад

с.а.в.га дайым жихад кылганга баят бергенбиз». Түркчө мындай деди: «Халабды унутпагыла, Сирияны унутпагыла, Аллоху акбар». Муну көп жолу кайталады. Мындан көрүнүп тургандай, ал Сириядагы, айрыкча, Халабдагы болуп жаткан окуялардан катуу таасирленгени көрүнүп турат. Ал дагы мындай деди: «Сирия жана Халабдагы бул зулумга кол кабыш кылган ар бир адам анын кунун төлөйт». Дагы кошумчалап: «Биздин жерибиздеги туруксуздуктун даамын силер да таткыла». («Анба» кабар агентиги 2016.12.19.). Бул сөзү менен ал Сирияда ж.б. мусулман өлкөлөрүндө кыргын, бүлгүн салып жаткан Америкага, Орусияга жана алардын союздаштарына о.э. малайларына кайрылуу жасагандай болду... Ошондой эле, алардын бул кылмыштары мусулмандардын эсинен эч качан кетпестигин жана Аллах аларга убада кылган күн жакынкы күндөрү келээрин да аларга кат катары жолдоду.

3 – Таң калычтуусу, өкмөт аны тирүү кармоого аракет кылбастан, атып өлтүрүүгө аракет кылды. Бул иш аны атып өлтүрүүдө ачык эле байкалды. Тогут – эгер аны тирүү кармап, аны прокуратурга өткөрүп берсе – Сирия жана Халабга байланыштуу ураандар дагы улана беришинен коркту. Ошондой эле акимдердин, айрыкча Эрдогандын Халабды жардамсыз таштап койгондугу себебдүү, Эрдоган оңтойсуз абалда калмак. Анткени, ал чындыгында Халабды жардамсыз таштап, Америка планын аткарды. Эрдоган бул коопсуздук кызматкерин тирүү кармабай өлтүрүү менен оңтойсуз абалдан чыгып алган болсо да, баары бир анын Халабдагы мусулмандарга кыянаттык кылганы мусулмандардын эсинде калды. Тирүү кармалбай атып өлтүрүлгөн коопсуздук кызматкери «Мени тирүү кармай албайсыңар» деп кыйкырган күндө да, көп сандагы спецназдын аны тирүү кармаганга толук мүмкүнчүлүгү бар болчу. «Спецназдын өлүм алдында жаткан Мавлуд Алтынташтын тирүү кармабагындыгынын себеби прокуратура кызматкерлери тарабынан иликтенди» («Анадолу» кабар агентиги 21.12.16). Алтынташтын тирүү кармалбагандыгы Эрдоганды оңтойсуз абалга салды

жана ал күч кызматкерлерин актоо максатында мындай деди: «Анын эмне себебтен тирүү кармалбашынын себебтери тууралуу божомолдор бар. Бешикташта болгон окуяны карагыла, ал жерде да өлүм алдында жаткан бир мужаахидди тирүү кармоо аракети болгондо, кандай болгонун өзүңөр билесиңер...». Бирок, бул окуянын Бешикташтагы окуяга эч кандай окшоштугу жок. Анткени, бул жерде күч кызматкери өзү жалгыз Ислам ураанын чакырып, Башар бийлигин сактап калуу үчүн Сирияда күнү-түнү мусулмандарды кыргынга салып жаткан душман мамлекет болгон Орусиянын өкүлүнө каршы турду. Халабда жүз берген окуялар баардык мусулмандардын туйгуларын козгоду. Мусулмандар дүйнөнүн чар тарабынан такбирлерди, ураандарды айтып жүрүштөрдү кылды... Ал эми, Бешикташтагы окуя Күрд илманий уюму тарабынан кылынган эле жана анын Исламга эч кандай байланышы жок. Ал уюмда эч кандай Ислам түрткүлөрү жок. Ал Исламдан өтө эле алыс. Ал уюм саясий жактан колонизатор мамлекеттерге байланышкан уюм... Бул окуя менен тиги окуяны байланыштыруу чалгытуу болуп саналат. Ал далил эмес доомат болуп, айткандын шермендесин чыгарат!

**Экинчиден, болгон окуяга карата реакция:**

1 – Сирияда Америка планын аткарып жаткан Орусия элчисинин өлүмүнө Америка кабатыр болду. Орусия Сирия жаатында Америка менен бүтүндөй келишип алган жана аны менен жанаша иш алып баруда. Америка ТИМи Керри мындай деди: «АКШ Орусия элчиси Андрей Карловдун өлтүрүлүшүн катуу айыптайт...» (Reuters, 2016.12.19). Ошондой эле, ал «Бул кол салууну иликтөө иш чарасында Америка Орусия менен Түркияга жардам берүүгө даяр» деп билдирүү берди. Америка ТИМнин пресс катчысы Кирби мындай деди: «Мунун булагы кайдан чыкканына карабастан, бул кара мүртөздүктү каралайбыз. Биздин пикирлерибиз, дубаларыбыз аны менен жана анын үй-бүлөсү менен». Ошондой эле, Америка коргоо министирлиги, Ак үйдүн пресс катчысы, жаңы шайланган Трамптын командасы да

Орусиянын элчиси өлтүрүлгөндүгүн айыпташты. Ошондуктан, бул жаатта Америка менен Орусия бир айдында.

2 – Эрдоган – Американын малайы. Ал Американын көрсөтмөсү менен Орусияга союздаш болуп иш алып барууда. Ал Орусия менен болгон алакасына доо кетишин каалабайт. Орусиянын учагы атып түшүрүлгөндө, Эрдоган аны кандай жөнгө салганына да күбө болгонбуз. Ошондо ал Орусиядан кечирим сураган... Американын планын аткарыш максатында, өткөн август айында Аллахтын душманы Путин менен келишип алып, Халабдан козголоңчуларды алдоо жолу менен чыгарып кетип, аны жардамсыз таштаган кыянатчылдыгы да айдан ачык көрүндү. Муну Путин өзү ачып, анын шермендесин чыгарды, анын жалганчы «баатыр» көрүнүшүн да биротоло жок кылды... Эрдоган өткөн август айында Санкт-Петербургда Путин менен жоолугушуусунда «кымбаттуу досум» деп ага кошоматчылык кылды! Орусия элчиси өлтүрүлгөндүн эртеси күнү Эрдоган Путин менен – Орусия элчиси өлтүрүлгөнүнө карабастан – Сирия маселеси жаатында толук кызматашууга келишкендигин билдирип мындай деди: «Болуп өткөн окуя тууралуу Путин менен ой бөлүштүм. Биздин Орусия менен кызматташуубуз көп тармактуу. Айрыкча, Сирия маселеси жаатында мындай окуялар биздин мамилебизге таасир тийгизбеши керек». («Алжазиира нет», 2016.12.20.). Түркия ТИМи Чавуш уулу Сергей Лавров менен Москвада кезиккенде мындай деди: «Түркия менен Орусия Сирия жаатында жана башка аймактарда саясий чечимге жетишмейин, кызматташтыгын улантат». Элчинин өлтүрүлүшүнүн себеби: «Эки тараптуу алакаларга зыян жеткириш үчүн» - деди. Путин болсо: «Орусия-Түркия алакаларын жана Сирияда тынчтык амалияттарын үзгүлтүккө учуратуу үчүн» - деди. Кремлдин пресс-катчысы Песков: «Бул кол салууну иликтеш үчүн эки өлкөнүн мамбашчылары биргелешкен комитет түзүүгө келишишти». Мына ушундайча Түркия-Орусия бул окуяга бир айдыңдан туруп позицияларын билдиришти. Ошондой эле, Сирия козголоңуна карата «тынчтык

амалияттары же тынчтык чечими» аталышы астында тил бириктирүү кызматташтыгын уланта беришерин да баса белгилешти. Орус элчиси өлтүрүлгөндүн эртеси Түркия, Орусия жана Иран ТИМдери жоолугушту. Жолугушууда мурдагыдай эле Башар Асадын бийлигин сактап калууга келишишти.

3 – Ошондой эле Европа да – Сирия козголоңуна жана Сирия бийлигине Исламдын кайтып келишине каршы турган тараптардан. Ал Сирияда светский бийликти сактап калуу жана саясий чечимге жетүү аракетинде Америка менен бирге жүрдү. 2015-жылы 14-ноябрда Венадагы конференцияга катышты. Мунун баарынан Европанын каалап жаткан нерсеси – Сирия маселесинде роль ойноп калуу жана обочолонуп калбай, саясия амалияттарга катышуу. Европа Америка жана Орусия сыяктуу эле Исламга жана мусулмандарга душмандык кылат. Исламдын бийликке кайтып келишине каршы күрөшөт. Ошондуктан, элчинин атып өлтүрүлүшүнө карата Европанын тышкы саясат боюнча атайын өкүлү Федерика Могерини мындай деди: «Мен бул акылга сыйгыс кол салуудан шок болуп калдым» («Алжазиира нет», 2016.12.20.). Британиянын БУУ алдындагы өкүлү Мэтью Рикфорд Орусиянын Түркиядагы элчисинин өлтүрүлүшүнө терең кайгыргандыгын билдирип: «Анын өлкөсү Сирия ичиндеги жана тышындагы террористерге каршы Орусия менен бирге күрөшүүгө даяр экендигин» айтты. («Алжазиира нет», 2016.12.20.) Ушундай эле мазмундагы билдирүү жасап, Британия ТИМи Борис Жонсон бул кол салууну «коркоктук кол салуусу» деп атады. («Россия сегодня» сайты, 2016.12.20.)

Германия өкмөтү да Орусия элчисине кол салууну айыптады. Германия канцлери Меркелдин пресс-катчысы Штеффен Зайберт «Twitter»де мындай деди: «Элчиге кол салуу абдан жаман кабар. Германия өкмөтү мындай акылсыз иш-аракетти катуу айыптайт» («Алжазиира нет», 2016.12.20.). Ал эми Франция ТИМи Жан Марк Эйро мындай деди: «Күчкө салуу менен террорду эч нерсе актай албайт». Ал Орусия элчисинин үй-бүлөсүнө көңүл

айтып, Орусия менен Американы колдорун билдирди. («Алжазиира нет», 2016.12.20.).

4– Ал эми, Эрдогандын Фетхуллах Гулендин жамаатына болгон дооматы акыйкаттан алыс. Эрдоган 2016-жылы 21-декабрда мындай деди: «Анкарада Орусия элчисин атып өлтүргөн куралчан адам шек күмөнсүз террорист Гулендин жамаатынын мүчөсү болгон... анын кайдан таалим алгандыгы жана анын намазы Гулендин террорист жамаатынан экендигин айгинелеп турат...» («Reuters», 2016.12.21.) Буга окшогон жалган дооматтар жаңы пайда боло калган жок. Балким, Эрдоган башында турган Түркия мамлекети акыйкатты жашыруу максатында бул жамаатка бардык дooматтарды арта салууга көнүп калган. Эрдоган 15-июлдагы англис малайлары аракет кылып ишке ашпай калган ыңкылабтан кийин, англис малайларын тазалоо иштерин жаап-жашырууда да Гулендин жамаатына жалгандан доомат артып келүүдө. Элчинин өлтүрүлүшүн да Гүлендин жамаатына арта салды. Гулендин жамаатынын пресс-катчысы Алп Аслан Доган  мындай деди: «Гулен бул иш аракетти бүтүндөй айыптайт». Ал Орусия элчисинин өлтүрүлүшүн «уятсыздык» деп сыпаттаады. Ошондой эле, Түркия өкмөтүнүн Гулендин жамаатын элчиге кол салуунун артында турат деп доомат артышы «күлкү келээрлик» деп сыпаттады. («Reuters», 2016.12.20.)

Маалым болгондой, Гулен башында турган бул жамааттын эч кандай Ислам жана мусулмандарга карата камы жок. Бул жамаат он кишинин мерт кетишине себеб болгон Түркия кемесинине жасалган жөөт чабуулун актап чыккан эле. Бул жамаат жөөттөр менен союздаш иш алып барышат. Жөөттөрдү да өздөрүнө окшош эле ыйман келтиргендер деп эсептейт. Мусулмандар менен кайгы бөлүшпөйт жана кыйынчылык мезгилде аларга жардам да беришпейт. Эч бир Исламий көйгөйдү чечүүгө умтулушпайт. Ошондой эле, бул жамаат Халифалык долбооруна каршы жана ага аракет кылып жаткандарга тескери иш алып барат. Бул жамаат 2013-жылдын

акырына чейин Эрдоган менен кызматташкан. Кийин аны менен  пикир келишпестиктерге барып, андан кийин Америка кызыкчылыгына кызмат кылуу жолунда Эрдоган менен ат салыша баштады... Бул жамаат Эрдоган сыяктуу эле Американын малайы жана Америка кызыкчылыгы үчүн иштейт. Бул жамаат илманий демократияны жана Американын долбоорлорун өзүнө тандап алган жамаат. Ал Эрдоган жана анын партиясы сыяктуу, эч кандай айырмасы жок, Америка малайы.  Ошондуктан, бул жамаат мусулмандарга жардам колун сунбайт. Мусулмандардын кызыкчылыктарына жана алардын көйгөйлөрүнө эч качан камтама болушпайт. Бул жамаат каапыр колонизаторлого каршы туруу иштеринен алыс...  Жада калса, Орусия да бул жамаатты элчиге кол салуунун артында турат деп доомат артпады. Орусиянын пресс-катчысы Песков – Түркиянын Гулен жамаатын элчиге кол салуунун артында турат дегенине жооп катары – элчиге кол салуунун артында ким тургандыгын азыр аныктап салуу эрте экендигине ишара кылып, мындай деди: «Элчиге кол салуу – бул Түркиянын кадыр баркына урулган сокку». («Россия сегодня», 2016.12.21.) Эрдоган элчиге кол салган коопсуздук кызматкеринен өч алуу максатында анын ата-энесин, башка тууган-туушкандарын камоого буйрук берди, баштан аяк 13 адам камалды. Кийин Эрдоган Путинге көңүл айтты!!!

**Үчүнчүдөн, бул иш-аракетке болгон түрткү:**

Жогорудагылардан айкын болгондой, бул коопсуздук кызматкери ушул иш-аракетин эч кимге байланышы жок өзү эле жекече кылган. Ал исламий туйгунун түрткүсү себеgтүү, орустун жапайы кылмышынан өч алууну көздөгөн. Биз Аллахка эч кимди актабайбыз. Аллах аны Өз ырайымына алсын. Анын ата-энесине, туугандарына сабыр берсин..

﴿إِنَّ اللَّهَ مَعَ الصَّابِرِينَ﴾

***«Аллах сабыр кылуучулар менен бирге»*** [8:46]

Биз Аллахтан мусулмандардын кыйынчылыктарын кетирип, Халифалыкты тургузууларына жардам беришин сурайбыз. Бардык тогут,

баскынчы, каапырларды жана мунаафыктарды кылган кылмышына жараша жаза берип, артындагыларын коркууга салышын Аллахтан сурайбыз. Ар бир зулум тартканга жардам беришин, андан зулумду көтөрүшүн сурайбыз.

﴿وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ الْمُؤْمِنُونَ $ بِنَصْرِ اللَّهِ يَنصُرُ مَن يَشَاء وَهُوَ الْعَزِيزُ الرَّحِيمُ﴾

***«Ошол күнү Аллахтын жардамы себептүү момундар шаттанышат. Ырайымдуу, Улуу Аллах каалган адамына жардам берет»*** [30:4-5]

**26-робиул-аввал, 1438-х.**

**25-декабрь, 2016-м.**

## Эрдогандын Британия сапары

**Суроо:** *Эрдоган 2018-жылы 13-майда үч күндүк сапар менен Лондонго барды. Сапар алкагында королева Елизаветта жана премьер-министр Тереза Мэй менен жолугушту. Эрдогандын сапары 24-июнда Түркияда өткөрүлө турган президенттик жана парламенттик шайлоолордон бир нече апта мурда болуп өттү... Белгилүү болгондой, ийгиликсиздик менен аяктаган төңкөрүш жасоо окуясынан кийин Эрдогандын Британия менен мамилеси өтө начарлап кеткен. Ошондой болгон соң, Эрдоган эмне үчүн Британияга сапар жасады жана анын көздөгөн максаты эмне? Ал өз максатына жетеби?*

**Жооп:** Сапардан көздөлгөн максатты баян кылуу үчүн төмөндөгү иштерди карап чыгабыз:

1 – Белгилүү болгондой, өлкө өзгөчө кырдаалды башынан өткөрүп жаткан убакта Эрдоган президенттик башкаруу аркылуу өз бийлигин бекемдөөгө аракет кылууда. Президенттик башкарууда бийлик президенттин колунда болот. Түркияда киргизилген өзгөчө кырдаал 160 миң кишинин камакка алынышына жана болжол менен ошончо мамлекеттик кызматкерлердин жумуштан бошотулушуна себеп болду. Көп абалдарда камакка алуу жана жумуштан бошотуу иштери ырайымсыз ишке ашырылды.

О.э. бийликке каршы уюштурулуп, ийгиликсиздик менен аяктаган 2016-жылдагы төңкөрүш жасоо окуясынан бери миңдеген оппозиционерлерге, алардын катарында, мамлекеттик кызматкерлерге, адвокаттарга, полиция офицерлерине жана академиктерге каршы «тазалоо» иштери алып барылды. Алардын көпчүлүгү Британияга берилген адамдарга болчу. Ошондой болсо да, Эрдоган жекшемби күнү Истамбулдан Лондонго жол алардан мурун Бириккен Королдукту «стратегиялык шериктеш жана союздаш» деп атады. Ал Мэй менен эки тараптуу маселелерди, регионалдык жана эл аралык маселелерди талкуулашын баса белгиледи. Эрдоган – Түркия менен Британия аралдагы тынчтык кепили деген этибарда – Кипрдеги соңку окуялар да талкууланышын айтып өттү. Демек, үчтүк маселеси (т.а. Кипрдеги Түркия, Греция жана Британия маселеси) талкуулана турган болду. Андан тышкары, Эрдоган Ортоңку Чыгыштагы «ортоктош иш пландар» да талкууланышын билдирди... Ал анын сапары Түркия менен Британия ортосундагы соода жүгүртүүсүн бекемдөөгө каратылышын баса белгилеп: «Биз Британия Европа Союзунан чыккандан кийин да аны менен болгон экономикалык алакаларыбызды үзбөстөн улантабыз», - деди. (http://www.elfagr.com, 2018-жыл, 13-май).

2 – Эрдогандын билдирүүлөрүнөн ал жана Мэй регионалдык жана эл аралык маселелерди о.э. Кипрдеги соңку окуяларды, Ортоңку Чыгыштагы иш планын о.э. Түркия менен Британия ортосундагы соода жүгүртүүнү күчөтүүнү талкуулашканын түшүнүүгө болот. Ортоңку Чыгыштагы иш планына келсек, Эрдоган – Мэй аны менен мындай эл аралык маселелерди талкуулай турган адам эмес. Эми, Эрдоган Истамбул аэропортунда өткөргөн басма сөз конференциясында айткандай, эки тараптуу сүйлөшүүлөр экономикалык маселелерди талкуулоого, эки мамлекет ортосундагы соода жүгүртүүнү күчөтүүгө каратылышы жөнүндө айтсак, бул туура эмес. Себеби, мамлекеттер ортосундагы соода жүгүртүүнү күчөтүүгө каратылган экономикалык жана соода иштери эки мамлекет ортосундагы саясий

туруктуулукка байланыштуу. Ал эми, бул эки мамлекет ортосунда – айрыкча, ийгиликсиздик менен аяктаган төңкөрүш жасоо окуясынан кийин – саясий туруктуулук жок. Сапар алкагында бирер маанилүү экономикалык долбоорго кол коюлганы жарыяланбаганы да жогорудагы сөздөрүбүздү ырастап турат. Ал эми, Кипр темасы талкууланышы мүмкүн. Себеби, бул эки тарап аралдагы тынчтыкка жана коопсуздукка кепил. Бирок, бул маселе да аралда кескиндик жүзөгө келсе гана талкууланат. Азыр болсо, ал жерде кескиндик абалы байкалбайт. Мына ушулардан улам, Эрдогандын Британия сапарынан көздөгөн максаттар жөнүндөгү сөздөрү эч бир документке негизделбеген. Тескерисинче, Эрдоган түпкү себептен чалгытуу үчүн ушундай сөздөрдү айтты.

– Бирок, ийгиликсиздик менен аяктаган төңкөрүш жасоо аракетинен кийинки окуяларды үйрөнүү натыйжасында, ушул окуяларды Британияга болгон сапар шайлоолордон мурун уюштурулуп жатканына байлоо аркылуу ушул сапардын чыныгы себебин билип алуу мүмкүн. Мына ошондо, Эрдогандын Британияга сапар кылышынан көздөгөн чыныгы максат мындайча айкындашат:

– Окуяларга келсек... Белгилүү болгондой, ийгиликсиздик менен аяктаган төңкөрүш жасоо окуясынын артында Британиянын Түркиядагы малайлары турган. Ошондон кийин Эрдоган Британиянын малайларына, өзгөчө армиядагы малайларына каршы өтө ырайымсыз чараларды көрдү. Мунун натыйжасында Британияда Эрдоганга карата катуу жек көрүү пайда болду...

– Эми, Британияга болгон сапар шайлоолордон мурда уюштурулганына жана шайлоолор менен сапардын байланышына токтолуп өтөбүз. Белгилүү болгондой, Түркия оппозициячыл партиялар, өзгөчө, Республика Элдик партиясы Британиянын тарапкери. Ушул себептен улам, Британия аларды – парламентте көпчүлүк орунга ээ болушу үчүн – мурун болуп көрбөгөн бир коалиция түзүүгө үндөдү. Ал мындай абалда адаттагы

тактиканы колдонду. Т.а. партиялар парламенттик шайлоолорго шериктештик негизинде катыша турган болду. Ушул аркылуу президенттик шайлоону – эч болбогондо – экинчи турга калтырмакчы болуп жатат. Муну менен ал «мына, Эрдоган коомчулуктун көпчүлүгүнүн колдоп-кубаттоосун жоготуп, экинчи турга калуууга мажбур болду» деген нерсени көрсөтүүнү, Эрдоган кийинки турда ийгиликке жетишкен учурда да анын аброюна зыян жеткирүүнү каалап жатат... Өз кезегинде, Эрдоганды ушул нерсе тынчсыздантат.

– Андыктан, Эрдоган 24-июнга белгиленген президенттик шайлоодон мурун Британияны ыраазы кылуу үчүн ушул сапарды уюштурду деп айтууга болот. Көбүрөөк божомол ушундай. Ошондуктан, Эрдоган айрым жан берүүлөрдү сунуштоо аркылуу англистердин көңүлүн алууга урунду. Анын бул жан берүүлөрүнө Британия малайларын камактан чыгарышын – билдирүүдө айткандай – Британияны стратегиялык шериктеш деп атап, акысына мактоолорду айтканын мисал кылуу мүмкүн. О.э. эгер Британия малайлары шайлоо кампаниясында каршылык аракеттерин басаңдатышса, анда Эрдоган да аларга каршы кеңири көлөмдө алып барып жаткан тазалоо амалиятын токтотушун айтып, Британияны алдамакчы болду... Демек, күчтүүрөөк божомолго ылайык, Эрдогандын Британия болгон сапарынын артындагы чыныгы себеп ушул.

3 – Бирок, Эрдоган өз максатына жеттиби? Чамасы, ал ийгиликсиздикке учураган көрүнөт. Мунун белгилери:

– Жолугушуу артынан Тереза Мэй Даунинг-Стриттеги өз кеңсесинде Эрдоган менен бетме-бет туруп: «Демократиялык жол менен шайланган өкмөттү кулатууга урунган кишилерди сот Жоопуна тартуу туура иш», - деди. Бирок, кийин: «Бирок, Түркия демократияны коргоп жаткан соң, эң маанилүүсү – ал өзү коргоого урунуп жаткан баалуулуктарга көз жумбашы керек», - деп кошумчалады. (alarab.co.uk, 2018-жыл, 16-май). Т.а. Мэй конок болуп келген Эрдоганды журналисттердин алдында сындады.

– Сөз эркиндигин коргогон уюмдар Эрдоганга каршы демонстрация уюштурду. «Даунинг-Стриттеги өкмөт кеңсеси алдындагы демонстрацияга «Pen», «Index on Censorship» жана «Чегарасыз кабарчылар» сыяктуу өз эркиндигин коргогон уюмдардын мүчөлөрү катышышты». («Кантип эле Калам» гезити, 2018-жыл, 15-май). «Күрттөрдү колдоп-кубаттаган активисттер Эрдогандын сүрөтүнө «террорчу» деп жазылган плакаттарды көтөрүп чыгышты. («Айнул Ихбарийя», 2018-жыл, 15-май).

**10-рамазан, 1439-х.**

**26-май, 2018-м.**

## Түркия лирасынын куну эмнеге түшүп кетти?

**Суроо:** *Түркия лирасынын куну удама-удаа ушул жылдын башындагы көрсөткүчтөн 21% түшүп кетти. 8-августта дагы 14% кунун жоготту. Лира кунунун түшүшүнө Американын Түркиядан импорт кылган алюминий жана болотко болгон бажы салыгын көтөрүп коюшу да өз салымын коштубу? Ошондой эле 2016-жылдан бери Түркияда Америка кечилинин камалып турушу буга таасир бердиби? Трамп анын азат болушун талап кылган эле. Булардын себеби эмне? Бул кризис дагы канчага созулат? Аллах ыраазы болсун*

**Жооп:** Жооп түшүнүктүү болушу үчүн төмөнкү иштерге назар салабыз:

Биринчиден:

Түркия лирасынын куну удаама-удаа түшүшү:

1. Түркия лирасы 1927-жылы бир лира бир долларга барабар болгон негизде иштей баштаган. Бул акча алтын жана күмүшкө таянган акча колдонулган Халифалык мамлекети кулатылгандан кийин ишке киргизилген. 1933-жылы Түркия лирасынын куну түшүү доору башталган. Анда доллар эки лирага барабар болгон... Андан кийин лиранын кунунун түшүшү чынжырланып 2001-жылы бир доллар 1 миллион 650 миң лирага барабар болду. Эл аралык валюта фондунун кысымы менен Түркия экономикасынын

таңсыктыгы өтө жогорку деңгээлге чыкты. Британия малайы Эджевинин өкмөтү солкулдай баштады.

Американын көмөгү менен өкмөт түзүү үчүн Эрдоган жана анын партиясы ийгиликке жетишүү максатында 2002-жылдагы шайлоолор өткөзүлдү. Анын өкмөтү алты нөлдү жок кылууга токтом кылды жана парламент ага колдоо көргөздү. 2005-жылдын 1-январында ушул токтом негизинде иш алып барыла баштады жана бир доллар 1.79 лирага барабар болду. Бирок бул абал көпкө созулган жок. 2013-жылы лира кайрадан кунун жогото баштады. 2014-жылдын башталышына чейин лира бир нече жолу кунун жоготту. Ал 30% кыйматын жоготту. Лиранын кунун жоготушу азыркы күнгө чейин токтой элек. Эрдогандын өкмөтү лиранын кунун сактап калышка жана аны туруктуу сактап турууга аракет кыла баштады. Бирок андай кылууга дарамети жетпеди. Ушул жылдын башталышынан бери лира кунун сезилээрлик деңгээлде жоготту. 2018-жылдын орто ченинде, тактап айтканда, алты айдын ичинде 21% кыйматын жоготту.

2. Ушул жылдын 26-июлунда кризис кайрадан сезилерлик деңгээде калкып чыкты. Бул абал Трамп жана анын орун басары Майк Пенс эгер Түркия Брансонду бошотпосо ага карата санкция киргизери тууралуу опузалоосунан кийин жүз берди. Андан кийин лиранын куну төмөндөй баштады. Өткөн айдын акыр ченинде бир доллар 4.91 лирага барабар болду. Түркиянын борбордук банкы үстөк пайызды 17.75% өзгөртүүсүз калтырган токтому чыгышынан мурда бир доллар 4.76, 4.91 лирага барбар болду. “Түркиянын борбордук банкы 14 жылдан бери биринчи болуп жаткан жогорку деңгээлдеги инфляцияга каршы үстөк пайызды өзгөртүүсүз калтырууга токтом кылды. Банк бир жумага сатып алуу ставкасын 17.75% баасында калтырды... Лира жыл башынан бери 21% наркын жоготту... Бир доллар 4. 91 лирага барабар болду. Токтом кабыл алынгандан кийин бираз абал турукташып, 4.7605 лирага барабар болуп турду...” Булак (Скай ньюс арабия 2018. 07. 24.)

3. Андан кийин Трамп твиттердеги баракчасында Түркияга карата санкцияларды жарыя кылды. Андан кийин эле лира доллар каршысында өз наркын жоготуусу тездей баштады... Вашингтон менен болгон кризисти жөнгө салууга урунуулар башталды. Анкара 7-августта Түркия ТИМинин орун басарынын башчылыгында Америкалык кесиптеши менен кечил Брансондун ишин талкуулоо үчүн делегаттарды Вашингтонго жиберди. Бирок бул сүйлөшүүдө эки тарап натыйжага жетишкен жок. 9- августта Түркиянын делегаттары Түркияга кайта башташы менен эле Трамп отко май чачты. Ал 10-августта твиттердеги баракчасында Түркиядан импорт кылынган алюминий менен болотко бажы салыгын көтөрөрүн жазды. Алюминийге карата 20% болотко карата 50%. Андан кийин лиранын кунун жоготуусу кайрадан уланды.

Салыштырмалуу Азия жана Тынч океан аймактарында бир доллар 7.24 лирага барабар болду. Жыл башынан бери Түркия лирасы 40% наркын жоготту. Августтун экинчи жумасында лира доллар каршысында 20% наркын жоготту. Трамп дагы кошумчалап: “Мен алюминий жана болотко карата акыны эки эсе көтөрүү буйругун чыгардым”,- деди. (2018/08/10 Htbes: //arabi 21.kom)

4. Мына ушундайча Түркия менен Америка ортосунда финансы крисизи калкып чыкты. Сыртынан караганда бул кырдаал кечил Брансондун айынан чыккандай көрүндү. Америка мамбашы бул маселени көтөрүш менен бир ай мурун өзүнүн конгресстеги шайлоолордогу электораты болгон фундаменталдык христиан секторун канааттандырууну көздөдү. Ал эми акыйкатта Брансондун маселеси Түркия лирасынын наркынын түшүп кетүү себептерин жаап-жашыруу фактору катары пайдаланылды. Бул негизинен Америка Европага карата сокку берүү үчүн каратылган саясий крисиз болду. Анткени кризистин белгилери Америка менен Түркия карама-каршылыктарга бара электен мурун эле бар болчу. Түрк өкмөтү 2019-жылдын ноябрына шайлоолорду белгиледи. Ошондуктан кандай гана курчуй

турган кризис болбосун шайлоого таасир берет. Муну Эрдоган өзү да моюндап мындай деди: “Биз шайлоо мөөнөтүн белгилөө менен экономиканы изден чыгара турган таасирлерге каршы күрөшүүгө даярданабыз. Эгер антпесек, бул шайлоо айлампаларынан ийгиликтүү чыгышыбыз күмөн жаратат.” (Ахбар Түркия 2018. 04. 20) Тактап айтканда, лиранын куну жоголушу Брансондун жана бажы төлөмдөрүн көтөрүү маселесинен мурда эле пайда болгон. Айрыкча Брансон 2016-жылдан бери камакта. Ошондуктан Америкада ушул убакка келип Брансон үчүн санкцияларды киргизүү муктаждыгы да жок болчу. Айрыкча Американын дин жана адам укуктары маселесине өтө деле көңүл бурбай калган маалда.

5. Түркия лирасынын чыныгы кунсузданышы төмөнкү иштерде көрүнөт:

А. Ири өлчөмдөгү карыз. Айрыкча, акыркы он жылдагы жекече секторлордогу карыздар. 2017-жылдын сентябрында Түркиянын борбордук казынасы тышкы карыз 438 миллард долларга жеткенин билдирди. Түркия борбордук казынасы 2018-жылы 43 миллиард доллар карызды жабуу максатында 11 миллиард долларды пландады. Түркия борбордук казынасы 2017. 10. 31. баянатында “2018-жылы 43,1 милиардга жакын карызды жабуунун бир бөлүгү катары 10, 92 милиард долларды пландады. Инфляциянын деңгээли акыркы учурларда 10%га жетти”, - деди. (Анадолу агенттиги 2017. 10. 31) Мына ушундайча коркунуч коңгуроосу кагыла баштады. Түркия борбордук казынасынын кеңешчиси бираз мурдарак берген билдирүүсүндө: “Түркиянын тышкы карызы март айында 466.1 милиард долларга жетти..”,- деди. (Анадолу агенттиги 2018. 06. 29)

Белгилей кете турган нерсе бул карыздын негизги бөлүгү өкмөттүк долбоорлорго жумшалган. Бирок жекече секторлор бул долбоорлорду аткаруу жана каржылоо тармагын алып барган... Анкени Эрдогандын өкмөтү акыркы он жыл аралыгында бул долбоорлорду ишке ашырууну жекече тармактарга жүктөө менен өкмөттүн карызын жеңилдетүү жаатында иш алып барды. Ошондуктан азыркы учурда бул карыздардын бир бөлүгү жеке

тармакка жүктөлгөн. Бул нерсе өкмөт дайым тышкы карызынын аздыгы менен актана алышы үчүн жасалган саясий айлакерлик.

Б. Түркия соода жана бажы министирликтеринин 2-январдагы көрсөткүчү импорт жана экспорт ортосундагы соода балансынын төмөндүгүн билдирди. 2017-жылга салыштырмалуу импорт 77.06 миллиард долларга же 37.5%га өскөн. Мунун баары накталай акча менен төлөнөт. 2017-жылы Түркия экспорту 157.1 миллиард доллар, импорт 234 миллиард 156 милион долларды түзгөн. (Түркия теле радио 2018. 01. 02) Буга кошумча инфляция көлөмү "Түрк расмий статистикасы" боюнча 3-августта 15, 85%га жеткен. (Анадолу агенттиги 2018. 08. 03) Бул көрсөткүч Эрдоган жана анын партиясы бийликке келгенден кийин т.а 2003-жылдан бери биринчи жолу болду. Маалым болгондой, Түркия борбордук банкы инфляция көлөмүн Европа стандартына туура келе тургандай кылып 5% деп көргөздү. Бирок ал ийгиликсиздикке учурады. Өткөн жылы бул көрсөткүч 8% кийин 10% көтөрүлдү. Ушул маалда бул көрсөткүч 16%га жетип барды.

В. Түркия экономикасын чагылдырган агенттиктер рейтингди түшүрүү аркылуу Түркия лирасына карата басым кылып, Түркия экономикасына ишенбөөчүлүк жаратты... "Moody's" рейтинг агенттиги 2018. 04. 14 Түркия лирасынын чабалдыгы жана Түркия карызы, инфляциясы тууралуу эскертти: "Азыркы учурдагы Түркия акча бирдигинин чабалдыгы Түркия карыз рейтингине жана көйгөйлүү экономикасына терс таасирин тийгизет... Түркияда чет элдик акча алмаштыруу резерви да төмөн". (Reuters 2018. 04. 14) Ушул эле агенттик 2018. 03. 13 Түркия рейтингин төмөндөтүп BA1 ден BA2 кылып көргөздү. Эрдоган буга ачууланып: "Рейтинг агенттиктери Түркияны бурчка түртүүгө аракеттенип жатат. Каржы базары буга олуттуу деле көңүл бурушу шарт эмес", - деди (Түрк пресс 2018. 03. 13) Бул агенттиктин изинен эле "Standard & Poor" 2-майда Түркиянын экономикасында күтүлбөгөн жагдайлар орун алышы мүмкүндүгүн белгилеп рейтингди түшүрдү... Бул агенттиктин билдирүүсүндө Түркиянын рейтинги

BPге барышы көрсөтүлгөн. “Рейтингдин түшүшү инфляциянын күчөшү жана Түркия акча алмашуу курсунун узак убакыт бою төмөн болуп турушу бизди тынчсыздандырат.” (Reuters 2018. 05. 02) Анын артынан “Fitch” агенттиги өзүнүн билдирүүлөрүн чыгарды. Анын баянында: “Түркиянын кредиттик рейтинги инфляциянын тереңдеши, учурдагы эсептин тартыштыгы жана Түркия экономика саясаты жаатында белгисиздик себептүү “BPден BPге” түшүп кетти. (Түрк пресс 2018. 07. 14)

Маалым болгондой бул кредиттик агенттиктер экономика абалына таасир берүүдө ири рол ойношот. Маселен, көптөгөн жылдардан бери экономикалык көйгөйлөрдү ачыкка чыгарбай жаап жашырып келген. Ал эми учурда саясий максат үчүн экономикалык көйгөйлөрдү көбүртүп көргөзүү менен рол ойноодо. Анын натыйжасында карыз берүүчүлөр Түркиянын карызынан коркуп кийин андан карызын талап кыла башташат. Анын натыйжасында карызды жабуу үчүн базардан накталай акчаны сууруп чыгуу талабынын күчөшү лиранын наркынын төмөндөшүнө алып келет.

Экинчиден:

Бул жерде суроо жаралат: лира кризиси мурдатан эле бар болсо, эмне үчүн азыркы убакта буга кечил Брансондун жана бажы төлөмдөрүнүн жогорулашы келип кошулуп калды? Кийин тез арада лира кунун жоготуп, Америка менен Түркия ортосундагы чыңалуу лирага сокку бергендей түр жаратты? Ал тургай согуш жарыялап жибергенге чейин барып, алакаларды үзүү же НАТОдон чыгып кетүү түрүн жаратышты... Бирок булардын бири да ишке ашпагандыгы эмнени түшүндүрөт? Мунун акыйкаты төмөндөгү иштер аркылуу айкын болот:

1. Трамптын админстрациясы дүйнөлүк акча бирдиктерине айрыкча еврого карата доллар дайым күчтүү болуп турушуна токтом кылган. Америка ири өлчөмдөгү пайда алуу үчүн Европадан Америкага акча капиталы агып киришин максат кылды. Бул үчүн Евро шаркетте пайыздык көрсөткүчтүн азайтылышы менен өзүндөгү пайыздык көрсөткүчтү көбөйттү. Муну менен

Америка ири көлөмдөгү акча агымы Америкага кирип, евро доллар каршысында наркын жоготот деп күткөн... Бирок, натыйжа алар күткөндөй болгон жок. Балким евронун наркы доллар каршысында өскөндөн өсө берди. Анткени Европанын борбордук банкы акча жүгүртүүнү жөнөкөйлөштүрүү аталышы асытында кредиттик-акча саясатын бекемдөө жана төмөндөтүү же баалуу кагаздарды сатып алууну токтотуу планын ишке салды. Мунун натыйжасында инвестиция кылуунун жакшы жолун издөө негизинде ири көлөмдөгү акча агымы Америкадан Европага жана Азияга агып кире баштады... Трамптын бул аракети оңунан чыкпай калгандан кийин долларды күчтөө жана соода балансын теңдештирүү максатында импортту азайтып, экспортту көбөйтүүгө урунду. Кээ бир өнүмдөргө карата бажы салыгын көбөйттү. Ошондуктан Америка соода министри Уилбр Росс 31-майда Америка эртең жума күнү Кытай, Мексика, Канада жан ЕБден импорт кылынып жаткан алюминий менен болотко жогорку деңгээлдеги бажы салыгын киргизээрин билдирди. (www.dw.com 2018. 05. 31)

2. Бирок Трамптын бул саясатынын баардыгы евро каршысында долларды күчтөй турган каалоосун ишке ашыра алган жок... Ошондуктан, Түрк лирасынын кунун жоготуусуна басым кылышы, анын адашкан үмүтүн жандандыра тургандай түр жаратты. Анын натыйжасында ызы-чуу көтөрүү менен Европа каржы базарына сокку урмакчы болду. Анткени Түркия менен Европанын тыгыз байланыштагы каржы алакасы бар. Түркиядагы көпчүлүк инвестиция Европадан болот. 2017-жылы бул көрсөткүч 42%га чейин көтөрүлдү. Түркиянын Европа менен соода байланышы 2017-жылы 160 милиард доллар көлөмүндө болду. Акыркы учурларда эки тарап 1995-жылы жетишилген келишимди жаңыртуу аркылуу бир жарым жыл ичинде соода көлөмүн 200 милиард долларга көтөрүүнү, беш жыл аралыгында 500 милиард долларга көтөрүүнү демилгелей башташты. Бул тууралуу Түркия экономика министри Нихад Зибекжи “Түркия менен Америка ортосундагы соода байланыштын көлөмү 18.7 милиард долларды түзгөнүн жана Трамптын

учурунда он бир ай аралыгында Американын Түркияга экспорту 7.2 млрд долларга өскөндүгүн билдирди. (Анадолу агенттиги 2018. 01. 21) Ушуга негизделип Түркиянын экономикасындагы кандайдыр бир солкундоолор болуусу, лиранын наркын жоготуусу, Европа экономикасына туруксуздук алып келет. Трамп бул каржы башаламандыгы еврого карата какшаткыч сокку берет деп үмүттөнүүдө...

3. Европа базарына иш жүзүндө Түркия лирасынын наркын жоготуусу таасирин тийгизе баштады:

А. Европа борбордук банкы евро аймактык банктарына Түркиядагы абалдын таасир берип жатышына тынчсыздангандыгын билдирди. Айрыкча, Франция банкы BNP Paribas Испания банкы BBVA жана Италия банкы UniCredit Bank тары. Бул үч банк Түркияда ири көлөмдө иш алып барышат. Бул үч банктын акциясы 3% төмөндөдү. Европа Түркияда жүз берген абалдан таасирлене баштады. Анткени анын ал жакта инвестициялары, карыздары жана ири көлөмдөгү эки тараптуу соода алакалары бар.

Б. Эл аралык эсептөө банкынын эсеби боюнча Түркиянын Европа банктарына болгон карызы 224 миллиард долларды (200 милиард евро) түзөт. Анын көпчүлүк бөлүгү Испания банктарына таандык. Бул банктар Түркиядагы кризис абалынан коопсурап жатат. Лиранын түшүп кетиши менен биргеликте бул банктардын да акциялары Түркияда карыздары бар болгондугу себептүү 10-20 пайызга түштү. (Скай ньюс 2018. 05. 31)

В. Түркия карызын тынчсыздануучга салып жаткан дагы бир нерсе Түркиянын карызды жабууга болгон кудуретсиздиги. Түрк инвесторлору жергиликтүү жана чет элдик валюта менен Испания банкына 82.3 миллиард доллар карыз. Франция банкына 38.4 миллиард доллар карыз. Италия банкына 17 миллиард доллар карыз. Ошондуктан бул нерсе акцияларынын наркы түшүп кеткен Европа банктарына, айрыкча BNP Paribas, BBVA жана UniCredit Bankтарына эскертүү коңгуроосу болду.

Ошондой эле лиранын наркынын түшүп кетиши Түркия карызын жаба албай турган күмөндү дагы күчөтөт. Анын натыйжасында Европа экономикасына коркунуч жаралат.

Г. Отчеттордо көрсөтүлгөндөй, ири көлөмдөгү Түркия компанияларынын 220 миллиард доллардан ашык карызы бар. Алар лира наркын жогото баштаганда кредиторлорду коргоо талабы боюнча өкмөткө кайрылышты. Бул компаниялардын ичинен Фред Шахинк миллиардер башкарган “Доуш” группасы. Ал банктар карыздарды чет элдик валюта менен калыбына келтирүүсүн талап кылды. Кээ бир эсептөөлөр боюнча талап кылынган карыздарды калыбына келтирүү үчүн 20 миллирд доллар талап кылынат.

Д. Германиянын соода өнөр жай палатасы: “ Германиянын Түркиядагы 6500 компаниясы Түркиянын экономикасындагы белгисиздик абалдан жабыркашты”,- деп билдирди. Ал Германиянын компаниялары Түркия базарына жаңы инвестиция кылуу жолдорун издештире баштаганына ишаара кылды. (ww.lebanon24.com 2018. 08. 13)

Үчүнчүдөн:

Мына ушундайча лиранын тез арада наркынын түшүшүнө Американын басым кылышындагы максат Европа экономикасында солкундоолорду жаратып, анын натыйжасында евро доллар каршысында наркын жоготуусу көздөлгөн... Американын лирага карата басым кылышы, Америкадагы элдердин да жашоосуна таасир беришине карабастан, Трамп буга көңүл бурбайт. Трамптын ковбойлук менталитетине ылайык, доллар менен атаандашып жаткан кандай гана акча бирдиги болбосун ага какшаткыч сокку берүүнү гана көздөйт. Бирок кейиштүү көрүнүш бул нерсени Эрдоган түшүнө албай турганында. Трамп бирде аны союздаш шериктеш кылса бирде аны бир кечил үчүн душман кылып жатканын түшүнө албай аң-таң. Ал Кара деңиздеги Өне шаарында сүйлөп жатып мындай деди: “Бир кечил үчүн Түркияны опузалап моюн сундурам дегендик чоң ката. Мен

Америкадагыларга кайрадан кайрылам. Силер бир кечил үчүн стратегиялык өнөктөшүңөрдү алмаштырып жатышыңар силерге уят.” (Аль анба сайты 2018. 08. 12) Кийин ал Трампка кайрылып, кайгырып үмүт арткан абалда Түркия Америкага көптөгөн кызматтарды кылып бергенин жана анын жолунда согушканын да айтты! Ал бул макаласын 2018. 08. 11 Американын Нью Йорк Таймс журналындагы “ Америка менен болгон кризиске кандай карайсыз” деген аталыштагы тема алдында айтып өттү: “Америка менен Түркия 60 жылдан бери стратегиялык өнөктөш. Ал экөө суук согуш учурундагы жана андан кийинки кыйынчылыктарды бирге басып өттү. Түркия узак жылдардан бери Америкага көмөк көргөзүп келди. Биздин куралдуу күчтөрүбүз аны менен биргеликте Кореяда согушка катышты. Куба менен болгон ракета кризисинин эң кыйын учурунда биз ал кризисти жайгаруу үчүн Американын Юпитер ракетасын биздин жерибизге жайгаштырышына уруксат берип, көмөк көргөздүк. 11-сентябрь окуясын ишке ашыргандарга каршы сокку берүүнү Америка жана анын союздаштары күтүп жатышканда биз куралдуу күчтөрүбүздү Ооганстанга жиберип, НАТОнун миссиясы ийгиликтүү болушуна жардам көргөздүк” Мына ушундайча Эрдоган ислам жана мусулмандардын душманы болгон Америкага канчалык деңгээлдеги малай экендигин көргөздү.

Төртүнчүдөн:

Америка менен Түркия ортосундагы крисиз жана лиранын түшүп кетишинен күтүлгөн жагдай төмөнкүдөй болушу күтүлөт:

1. Американын лирага болгон басымынан лира тез арада кунун жоготушундагы максат Европа экономикасында солкундоолорду жаратып, анын натыйжасында евронун наркын жоготуу көздөлгөн. Анткени Европанын Түркия менен тыгыз финансы алакасы бар. Бул нерсе иш жүзүндө евронун доллар каршысында наркын жоготууга алып барып жатат. Financial Times билдиргендей, жума күнү евро бир топ наркын жоготту. Европанын борбордук банкы Испания, Франция жана Италия банктары Түркиядагы

абалдан жабыркап жаткандыгына кабатыр болду. Кечээ евро доллар каршысында 1.13655 наркын жоготту. Бул көрсөткүч евронун доллар каршысында 2017-жылдын сентябрынан бери эң төмөнкү көрсөткүчү. (Рейтер агенттиги 2018. 08. 13) Ошондуктан, эгер Трамп лирага басым кылуу аркылуу еврого каршы сокку уруу каалоосун ишке ашыра алса, анда кайрадан 2003-жылы Эрдоган бийликке келген учурда лираны кредиттик рейтингди баалоо агенттиктери аркылуу лираны колдоого алышы мүмкүн. Эрдоган бийликке келээрде, башкача айтканда Эджевидин өкмөтү учурунда лиранын куну качкан экономика өтө чабал абалда болгон. Кийин Американын таасири, жардамы менен карыздарды мол көл кылып берүү жана Түркиянын рейтингин көтөрүү аркылуу “ажарлуу” экономика пайда кылган. Анын натыйжасында карыз жана сүткордукка негизделген Түркия экономикасы “өсүү” дооруна кирген эле.

2. Ал эми бажы төлөмдөрүн көтөрүү бул маселеге анчейин таасир бербейт. Түркиянын Америкага алюминий жана болотту экспорт кылышы миллиард доллардан ашыгыраак көлөмдү түзөт. (Аль явм Саабиг 2018. 08. 02) Бул нерсе 2017-жылы экспорту 157 миллиардды түзгөн мамлекет үчүн таасир эте турган нерсе эмес. Ошондуктан, Түркия экономикасына көлөкө түшүрүү, андан кийин лиранын үстүнөн кара булут айлантуу бул Европа экономикасында паника жаратуу кийин анын натыйжасында евронун кунун жоготуу максатында кылынган иш. Анкенти Түркия менен Европанын ортосунда тыгыз финансы алака бар...

3. Ал эми кечил маселеси болсо анын камалганына эки жылча болуп калды. Бул иш Түркия менен Америка ортосунда жөндүү гана иш болчу. Азыр болсо Трамп шайлоо алдында аны көтөрүп чыкты. Ошондой эле каржы базарына таасир берүүдө жардамчы катары Америка Түркия ортосундагы чыңалууга көмөк көргөзүүчү фактор катары пайдаланды. Бул маселе бул иштин бир бөлүгү гана, ал негизги көйгөй эмес. Ошондуктан, жүрүп жаткан кризис көп узабастан эле евронун кунун жоготушу менен чектелиши...

артынан эле Эрдоган бул кечилди эч бир бетин кызартып койбостон эле Америкага өткөрүп бериши акыйкаттан алыс эмес.

4. Ал эми лира наркын жоготушу менен баалар көтөрүлүп Түркия элинин кыйынчылыкка кептелиши... Бул нерсе Трамптын башынан бир тал чач да түшүрбөйт. Трамп эле эмес анын жүгүртөк малайлары да буга кабак чытып койбойт... Балким жүгүртөк малайлар алардын кожоюндары кызыкчылыгына жараша пайдаланып, кереги тийбей калганда ыргытып коюшун, ал тургай бетине кара көө жаап артына тээп коюшун түшүнүшөбү? Ким өзүн кор тутса аны кордоо жеңил болот.

Корутундулап айтканда:

Трамптын бажы салыгын көтөрүүсү, кечилдин маселесин козгоо жана кредиттик рейтинг агенттиктери аркылуу Түркиянын карыздарынын бетин ачып, анын рейтингин түшүрүп, кризисти пайда кылды. Мындан көздөлгөн максат - Европа экономикасында паника жаратуу аркылуу евронун кунун түшүрүү. Анткени Түркия менен Европанын ортосунда тыгыз финансы алака бар. Ошондуктан бул нерсе иш жүзүндө евронун доллар каршысында наркын жоготуусуна алып барат...

Эрдоган Американын каш кирпиги менен кошо айланат. Ошондуктан кризис көпкө узабашы күтүлөт. Балким Трамп еврого какшаткыч сокку бере албаса да куну түшө баштаган абал менен чектелиши мүмкүн... Анда Трамп Эрдогандын бетинде бир нерсе калгыдай же эч нерсе калтырбай эле бул кризисти баштаганындай аягына чыгарып коюшу күтүлөт... Андан кийин кечил бошотулат бажы төлөмү кыскартылат же жеңилдетилет. Кредиттик рейтинг агенттиктери карызды жабууну артка сүрүү жана жаңы карыздарды берүү аркылуу Түркиянын рейтингин көтөрөт. Андан кийин лиранын наркы кризис баштала электеги наркына көтөрүлөт же белгилүү бир деңгээлде көтөрүлөт. Эрдоган менен Трамп мурда эч нерсе болбогондой кол алышып достук сүйлөшүүлөрүн уланта беришет. Окуя ушундай таризде улана берет... Эгер кожоюндары кызыкчылыгына жараша кордогусу келсе аларды

кордошот. Балким, аларды арттарына тээп да коюшат. Мындай окуялар алардан мурдагыларда да жүз берген. Алар ошол окуялардан сабак алышпайбы?

“Бул нерседе кимде уга турган кулак туя турган жүрөк болсо эскертме-үлгү бар” (Кааф: 37)

**Боордошуңуз Ато бин Халил Абу Рушта 2018. 08. 23**

## Түркия менен Орусия ортосундагы С-400 анти-ракеталык система жөнүндөгү келишим жана анын акыбеттери

**Суроо:** *АКШ Түркияга F-35 үлгүсүндөгү көзгө көрүнгүс учакты Түркияга берүү амалияттарын тоңдуруп койду. Пентагондун басма сөз катчысы мындай деди: «Түркиянын С-400 ракета системасын албай турган ачык билдирүүсүн күтүп жатабыз, Түркияга бериле турган F-35 үлгүсүндөгү учактын ыкчам мүмкүнчүлүктөрүн иштетүүгө жана жеткирип берүүгө байланышкан иш-чара токтотулду». Ал минтип кошумчалады: «Түркия менен бул маанилүү маселе жаатында сүйлөшүүлөрдү улантып жатабыз» («i24newc.tv», 2019, 1-апрель).*

*Суроо, Түркия менен Орусия ортосундагы С-400 ракета системасы тууралуу сүйлөшүүлөр 2017-жылдын сентябрынан бери уланып келе жаткан. Ал учурда Америка бул келишимге катуу каршылык кылган эмес, бул жаатта бейтарап позицияны карманып турган. Эмне үчүн бүгүнкүгө келип Америка Түркияга басым өткөрүп, Россия менен бул келишимди жүзөгө чыгара турган болсо «олуттуу акыбеттер» менен коркутууда? Аллах ыраазы болсун.*

**Жооп:**

Суроонун жообу ачык-айкын болушу үчүн ушуларга назар салуу зарыл:

1. 2015-жылы 30-сентябрда Орусия Американын макулдугу менен Сирияда аскерий чабуулун баштады. «2015-жылы 29-сентябрда 90 мүнөткө созулган Обама менен Путиндин жоолугушуусунун биринчи бөлүгүндө

Украина крисизи талкууланды, калган бөлүгүндө эки мамбашчы Сирия маселесин талкуулашты. Жолугушуунун натыйжасы катары Орусиянын Федерация Кеңеши Путиндин куралдуу күчтөрдү Сирияга киргизүү жөнүндөгү талабын бир добуштан колдоп беришти» («RT», 2015-жыл 30-сентябарь). Америка эгер согуш узакка созулуп кетсе Орусия бул баткактан чыга албай Американын ойуна келбеген иштерди жасоого шашышын билген. Америка Түркия Сирияда Америка чектеп берген жерге чейин Орусияны киргизип барышын каалады жана Орусиянын чабуулдары чектелген чектен ашып кетпеши үчүн Түркия аны менен шериктеш иш алып баруусуна, ошондой эле Орусиянын чабуулдарын чектеп турушуна шыкактады. Ошондой эле Сирия кризисинде Америка долбоору негизиндеги акыркы чечимге жеткичекти Идлибде чогулуп калган оппозицияны өз жайына калтыруу максатында Орусия чабуулдарын андан кайтарып турушу үчүн да Түркияны Орусия менен коалиция көрүнүшүндө иш алып баруусуна да көндүрдү. Анткени, Америка Сирия кризисинде акыркы чечимге жетүү алкагында оппозицияны Сирия режими менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө пайдаланмакчы болду.

2. Бирок, көйгөй мында эле – Түркия оппозиция тарабында, Орусия болсо режим тарабында тургандай түр көрсөтүштү. Башкача айтканда алар каршылаш тараптар болуп көрүнүштү. Кийин 2015-жылы 24-ноябрда Түркия учактары Орусиянын учагын атып түшүргөндө, бул көйгөйгө башкасы кошул ташыл болду. Эрдоган жаалданып кечирим суроодон баш тарты. Бирок, Америка Орусия менен Түркиянын тил табышуусуна кызыкдар болду. Америка Түркия кечирим сурап, Орусия менен жандашуусун каалады. Иш жүзүндө ушундай болду. Түркия Орусиянын учагы чек араны бузуп киргендиктен кечирим суралбайт дегенден кийин, 2016-жылы 17-июнда кечирим сурады. «Орусия президентинин басма сөз катчысы Дмитрий Песков мындай деди: «Түркиянын мамбашчысы каза тапкан Орусия учкучунун үй-бүлөсүнө терең кайгыруу менен көңүл айтты. Ошондой эле

кечирим сурады». Ал кошумчалап айтты: «Мамбашчы Эрдоган салтка айланган Түркия менен Орусия ортосундагы достук алакаларын кайра чыңдоо жаатында бар мүмкүнчүлүгүн жумшаарын билдирди» («Ал арабия», 2016-жыл, 27-июнь). Путин айрыкча Түркмөн тоодогу катардагы калкты бомбалап душман болуп турганда Түркия аны менен жылуу маанайда достук алакасын улантты. 2016-жылы 29-июнда Түркия мамбашчы Эрдоган Путин менен телефон аркылуу сүйлөштү. «Түркия расмий булагынын маалыматына ылайык, достук маанайдагы сүйлөшүүлөр өттү» («Ал арабия жадид», 2016-жыл, 29-июнь). Түркия менен Орусия  досторго айланышты, айрыкча Орусия Сирияда мусулмандарды кыргынга салып жаткан учурда Эрдоган Путинге дос катары мамилесин улантып жатты!

3. Мына ушундайча Эрдоган менен Путин жакын досторго айланышты жана келишимдерди, жоолугушууларды өткөрө башташты. 2017-жылы 5-февралда чыккан суроо-Жоопто мындай дегенбиз: «2016-жылы 9-ноябрда Трамптын шайлоодо жеңиши жарыялангандан кийин да Түркия Американын ыкластуу малайы катары Америкага кызмат кылган бойдон калды. Ал тургай, Трамп 2017-жылы 20-январда өз кызматына киришкенден кийин да Түркия бирер өзгөрүү жөнүндө ойлогон жок. Трамп шайлоо кампаниясында Орусияга карата ийкемдүүлүгүн көргөзгөн. Орусия Трамп мансабына келгенден кийин Астана конференциясына жогорку даражалуу жооптууларын жиберип, анын кадыр-баркын көтөрөт деп күткөн. Орусия Трамп Америка ТИМин Астана конференциясына жиберет деген үмүт менен Трамптын мансабына келишин эт бетинен кетип күттү. Ушундайча Орусия Трамптын колдоосу менен Астана конференциясы Сирия режими менен оппозиция ортосунда баардыгын камтыган тынчтык сүйлөшүүлөрүнүн башаты болот деп чыдамсыздык менен күткөн. Бул Трамп Орусияны колдойт деген саясий сокурлук эле! Кийин Орусия конференцияга келүүгө Вашингтонго чакырык жолдоду. Орусия Американын жогорку жооптуулары келет деп күткөн. Вашингтон – Трамп Астана сүйлөшүүлөрүнө Астанадагы

Америка элчисин байкоочу катары жөнөтүшү Орусияны жаакка чапкандай эле болду! Мына ушундайча 2017-жылы 23-24-январда согушту токтотуу жаатында эч бир сезилээрлик натыйжага жетишпестен Астана сүйлөшүүлөрү болуп өттү. Тескерисинче, Барада өрөөнүндө салгылашуу күчөдү. Ошону менен бирге, эч кандай саясий чечимге жетишилген жок. Астана конференциясы Орусия элестеткен көрүнүштөн кыйла төмөн деңгээлде өттү. Конференция ок атышууну токтотууга чакыруу жана бири-бирин айыптоо менен аягына чыккты» (цитата бүттү).

4. Кырдаал 2017-жылдын аяк чендерине чейин ушундай уланды. Орусиянын абалы дагы оорлошту. Орусия Идлибде оппозицияга сокку берип, жок кылуу менен коркута баштады. Американын буга бушайман болуп Орусия Америка сызып берген чектен чыгып кетет деп коркту жана Американын Сирия кризиси жаатында акыркы чечими бышып жетиле электе Идлибге чабуул жасалышынан чочулай баштады. Ушул этапта Түркия Орусия менен коалиция көрүнүшүндө абдан тыгыз алакада болуусу өтө чоң зарылдыктардан саналды. Анын натыйжасында Идлибге карата чабуулду алдын алуу жана Идлибге карата сокку эки тараптын макулдугу менен гана ишке ашуусу максаты катылды. Мына ушундайча Орусияны азгыра турган 2.5 миллиард долларлык С-400 келишими орун алды. Айрыкча, Орусия экономикалык жактан кыйынчылыкка кептелип турган учурда. Эрдоган бул келишимди – 2016-жылы ийгиликсиз аяктаган аскерий төңкөрүштөн кийин учкучтардын жарымынан көбү камака алынуусу, учкучтар кадры жаатында таңсыктык пайда болгону менен актады. Төңкөрүштөн кийинки камоолордон соң Түркия ээлигиндеги F-16 учактарын башкара турган учкучтардын кескин азайуусунун ордун басуу үчүн Орусиянын С-400 системасын алуу зарыл жана Түркия абадан коргонуу жаатында коопсуз болот деген жүйөлөр айтылды.

5. Бул келишимдин артындагы Орусиянын түпкү сыры да ачылып калды. Ал Түркия менен түзүлгөн С-400 сатып алуу жөнүндөгү 2.5 миллиард

доолларга барабар болгон бул келишим аркылуу матералдык кызыкчылыкты гана көздөп жатканы айкын болду. Москва Америка менен Европа орус мунайы менен газын албастан, ага карата киргизип жаткан санкциялардын запкысынын ордун толтурууну каалаган. Бул келишим Түркия менен Орусияны жакындаштыра турган жаңы кадам экендигин билдирет. Түркия бул келишимди толуктоо алкагында бул системаны шериктеш өндүрүү шартын койду. Түркия ТИМи Мавлуд Чавушуглу, эгер Орусия С-400 ракеталык системасын шериктеш өндүрүүгө макул болбосо, анда Түркия бул коргонуу ракеталык системаны башка өлкөлөрдөн алууга аракет кылат деди. («DW», 2017-жыл, 9-октябар). Кийин Орусия шериктеш өндүрүүнү четке какты. Бирок, Түркия Орусиянын иш жүзүндө Идлибге карата баштаган чабуулун токтотуп калуу үчүн өз шартынан кайтып бул келишимге макул болду. Сириянын түндүк-батыш аймагындагы чыңалууну кыскартуу аймагынын бири болгон Идлиб провинциясындагы Арманаз шаарында абадан бомбалоого алуудан 28 жайкын тургун мерт кетти. Сириядагы адам укуктары боюнча абсерваториянын билдирүүсүндө 12 адам мерт кеткени айтылды. Идлиб аймагы Астана келишим негизинде чыңалууну кыскартуу аймагына киргенине карабастан, Орусия тараптан бомбалоого алынды. Обсерваториянын мүдүрү Рами Абдул Рахман: «Учактар бомбалаган аймактагы урандылардын арасынан жарадарлар кутаруу учурунда аскердик учактар Идлибдин түндүк-батышындагы Аманаз шаарын экинчи жолку бомбалоого алгандыгын жана бул аймак биринчи бамболоого алууда да бомбаланганына ишаара кылды. Обсерватория дагы бир тараптан буларды кошумчалады: Провинциянын башка аймактарында да бамболоого алуунун кесептинен 13 жайкын турган каза тапты. Идлиб провинциясы эки аптадан бери Орусия учактары тарабынан жана Сирия режими тарабынан удама-удаа бомбалоого алынууда. («Ахбаару Халиж», 2017-жыл, 30-сентябрь). Орус-Түрк ракета келишими мына ушундайча шериктеш өндүрүүсүз түзүлдү! Эрдоган Украина менен Сербияга барып келгенден кийин мындай деди:

«Түркия сатып ала турган С-400 ракета системасы келишиминин биринчи этабында шериктеш өндүрүү каралбаган, бирок, ортоктош өндүрүш экинчи этапта башталат деп үмүттөнөбүз». С-400 бир эле убакта үч жүз бутаны алууга кудуретүү, учакты кыйратуу аралыгы үчтөн 240 километрге чейин. Ошондой эле бул система бардык истребителдерди жана канаттуу ракетаны да атып түшүрө алат. С-400 ракета системасын ишке салуу 5 мүнөттү гана талап кылат. Орусия армиясы бул ракета системасы менен 2007-жылдан бери камсыздалган. («Алжазиира нет», 2017-жыл, 29-декабрь).

6. Түркия НАТОго мүчө жана ал Батыштын курал системасы менен куралданган. Батыштын курал системасы өз ичинде Орусиянын курал системасы, өзгөчө С-400 ракета системасы болушун кабылдабайт. С-400 НАТО системасын бузууга кудуреттүү. Бирок, ошого карабастан Америка жана НАТО эки себептен улам бул келишимге өзүн кармап сабырдуу позицияда болду: биринчи, Америка Сирияда акыркы чечим бышып жетиле электен мурда Орусиянын Идлибге чабуул жасашын токтотуу максатында Түркия менен Орусиянын жакын алакада болуусуна муктаж эле. Экинчи, Америка Түркия НАТО ичинде турганда бул сыяктуу келишимдерди жүзөгө чыгаруу мүмкүн эместигин түшүнүп турат. Америка Түркия НАТОнун ичине Орусия куралын алып кирүүсүнө уруксат бербейт. Мына ушул эки этибардын негизинде Америка жана НАТО Түркиянын бул келишимине карата өзүн кармаган позицияда болду. «Расмий Анкара Орусиядан сатып алына турган ракета системасы НАТОнун ракета системасына киргизилбейт деп билдиргенден кийин, ошондой эле Түркия өз коопсуздугун камсыз кылуу жаатында куралга ээлик кылуу укугу бар экендигин билдиргенден бери Вашингтон Түркиянын бул куралды Орусиядан сатып алуусуна карата өзүн кармаган позициясын улантып жатат...» («Шаркул Авсад», 2017-жыл, 28-декабрь)

7. Бул келишимдин алкагында Орусия менен Түркия алакаларында көңүл бурарлык жакындашуулар пайда болду. Идлиб фронту да тынчтана

түштү. Орусия Түркия менен болгон бул достук алакалар жана сүйлөшүүлөр аны крисизтен алып чыгууну тездетет деп ойлоду. Бирок, абал 2018-жылдын акырына чейин ушундай өңүттө уланды, Орусияны кыйын кырдаалдан чыгара турган эч нерсе өзгөргөн жок. Америка сүйлөшүүлөргө, айрыкча Астанада болгон сүйлөшүүлөргө эч кандай этибар караткан жок, тескерисинче Иордания сыяктуу Казакстандагы элчисин байкоочу катары гана жөнөтүп тим болду. Орусия болсо Америка катышпаса, бул сүйлөшүүлөрдөн натыйжа чыкпасын да айдан ачык билет. Көрүнүп тургандай, Орусия Американын оюнун түшүндү, ошондуктан ал Идлибге чабуул кылууга токтом кылды. Түркия аны менен бирге болот деп ойлогондугу Орусиянын саясий сокурлугу болду. Орусия Түркия Идлибге чабуул кылуудан баш тартканына аң таң болуп, куралдуу күчтөрүн кайрадан казармага кайтарып кетүүгө аргасыз болду. Бул тууралуу 2018-жылы 22-сентябрда чыккан суроо-жоопто да айтып өткөнбүз: «Сирия куралдуу козголоңчулары Идлибге топтолгон мезгилде Орусия аскерий амалияттарын улантууну каалады. Орусия өзүнүн таарыхында биринчи жолу Жер Ортолук деңизинин чыгыш аба мейкиндигин жаап, орто аралыктагы согуштук кемелерин жана стратегиялык авиалайнерлерин ал жерге чогултту. Бирок, Орусия өзүнүн оюуна келбеген кыйын кырдаалга тушуккандыгына күбө болду:

А. Түркия толук түрдө Идлибге чабуул кылууга каршы болду. «Түркия министири муну «террористерди» аныктап алуу менен түшүндүрдү. Идлибге толук түрдө чабуул кылуу жана башаламан бомбалоого алуу туура эместигин билдирди» («Инаб Баладий», 2018-жыл, 14-август). Түркиянынын позициясы Тегерандагы үч илтик: Орусия, Иран жана Түркия ортосунда болуп өткөн конференцияда ачык болду. Түркия Орусияны аң таң кыла турган позициясын билдирди. Түркия Идлибге чабуул кылуудан ага карай ага турган качкындардын агымынан чочулап жаткандыгын билдирди, согуш Сирияда саясий чечимге жетүүнү жокко чыгарат деп Орусияны кыйын

абалга салып койду. «Түркиянын мамбашчысы Эрдоган жума күнү Сирия оппозициясы көзөмөлдөгөн Идлиб провинциясына каршы чабуулдун улануусу Сирияда саясий амалияттардын ишке ашуусун жокко чыгарат деди» («Явму Саабиг», 2018-жыл, 7-сентябрь). Ушундай жол менен Түркия Орусиянын Идлибде Сирия куралдуу жамааттарын жок кылам деген үмүтүн жокко чыгарды. Ушул нерсе 2018-жылы 16-сентябрда Тегеран жоолугушуусунан тогуз күн өтүп Путин менен Эрдоган Сочиде эки тараптуу жолугушуу өткөрүүсүнө себеб болду...

Б. Мына ушундайча Америка Орусия Сирияда асылган боюнча калуусун каалады. Америка өз планына ылайык, Сирияда саясий чечимге жеткичекти Орусия ал баткактан чыга албагандай абалда калтырды. Орусия Америка аны Сирия сазына батыргандыгын түшүндү. Орусия иш жүзүдө Сирия сазына батып калды, Сирияда толук таасирге ээ Американын уруксаты менен гана чыга ала турган болуп калды. Ошондуктан, Орусия өз жолунда турган жана кыйын абалдан чыгара турган Идлибге каршы чабуулун ишке ашыра алган жок. Анткени, Түркия Америка шыкагы менен ага каршы чыкты, Иран болсо унчукпай тим болду... Ушундай көрүнүштө Орусия планы негизинде аны кыйын абалдан чыгара турган Идлибге чабуул кылуу токтому 2018-жылы 7-сентябрда Тегеранда ийгиликсиздике учурады. Андан көп өтпөстөн Эрдоган менен Путиндин жолугушуусу болуп, анда чабуул кылуу куралсыз аймак түзүү келишими менен алмаштырылды! Бул Америка тарабынан кубатталды. «Новости» кабар агентиги 2018-жылы 18-сентябрда Америка коргоо министирлигиндеги жооптуулардын билдирүүсүн маалымдады: «Орусия менен Түркия Асад өкмөтүнүн жана анын союздаштарынын Идлибге чабуул жасашын тосуп кала турган кадамдарды колго алгандыктарын кубаттайбыз жана колдойбуз...». Орусия мамбашчысы Сочи курортунда Эрдоган менен жолугушуунун корутундусунда мындай деди: «Биз ушул жылдын 15-октябрынан баштап 15-20 километрге созула турган куралсыз аймак түзүүгө токтом кылдык». Орусия коргоо министири Сергей Шойгу Орусия кабар

агентигине берген маегинде, бул келишимге ылайык, Сирия куралдуу жамааттарынын акыркы коргонуучу жайына күтүлүп жаткан чабуул жокко чыгат деди. Бул келишимдин негизинде Идлибге карата эч кандай чабуул болбойбу деген суроого министир «ооба» деп жооп берди («Интерфакс», «ТАСС»). Мунун тушунда Эрдоган жолугушуудан кийинки пресс-конференцияда мындай деди: «Орусия эскалация кылбоо аймагы болгон Идлибге каршы эч кандай аскерий чабуул болтурбоо кепилдигин алат» («France 24», 2018-жыл, 17-сентябрь). Ушундай көрүнүштө Орусия Идлибге чабуул кылуу иш чарасын токтотту жана Жер Ортолук деңизине топтоп койгон куралдуу күчтөрүн казармаларга кайтарып кетүүгө аргасыз болду. Башкача айтканда, Орусиянын Идлибге каршы чабуул кылуусун токтотууга кызыкдар болуп жаткан Түркия жана анын артында турган Американын кызыкчылыгы биринчи кезекте Америка кызыкчылыгы үчүн болду. Бул аракеттер Идлибди Сирия режиминин чабуулдарынан тосуп калуу же жарандарды коргоп калуу үчүн кылынган жок. Тескерисинче, биринчи кезекте Америка өзү кызыкдар болуп жаткан чечимге Орусияны баш ийдирүү, андан кийин гана Идлибдеги карапайым, же карапайым эмес, же куралдуу, же куралдуу эмес жарандардын канын төгүү жеңил аша турган болуп калат. Алардын мындай кылыгына Сириянын түрдүү аймактарында ишке ашырган иштери күбө. Алардын кылмыштары бардык тараптан баштарынан ашып түштү» (цитата бүттү).

8. Ошондуктан, Америка өз планы ийгиликтүү ишке ашуусуна жана Түркия Америка Сирия кризисинде акыркы чечимге жете электен мурда Орусиянын Идлибге карата ар кандай аскерий чабуулуна жолтоо болооруна кадыржам болду. Америка Сириядагы азыркы малайынын ордун баса турган адамды табуусу жана ал оппозиция тараптан кабыл алына турган болушу, ошондой эле Америка планы негизинде жаңы өкмөттү калыбына келтирүү үчүн Сирия режими менен сүйлөшүүлөрдү өткөрүү алкагында Идлибде оппозиция болуп турушу зарыл. Ушуга негизделип Америка азыркы учурда

Орусия менен Түркиянын жакын алакада болуусуна муктаж болбой калды. Орусия болсо Идлибге каршы аскерий чабуул кылуу үчүн куралдуу күчтөрүн кайрадан топтоого дарамети жок. Ошондуктан, Орусия менен Түркия ортосундагы С-400 келишими тууралуу Американын унчукпай турушунун себеби да жокко чыга баштады. Ушуга негизделип Америка Түркиянын Орусиянын ракета системасын Батыш уюуму НАТОнун ичине киргизишине каршы болуп, аны опузалай баштады. Америка 2017-жылы Орусия менен Түркия алакаларын жакындаштырууга умтулган, эми болсо баштапкы келишим түзүү учурундагы жумшак позициясы өзгөрүп, ал келишимдин ишке ашышына каршы позицияга өттү. Анткени, Американын бул муктаждыгы 2019-жылы жокко чыкты...

Бул опузага алган билдирүүлөрдүн айрымдары:

А. «Американын НАТОдогу жооптуулары Анкараны эскертип, расмий Анкара Орусия ракеталык системасын НАТОнун системасына киргизүүсү мүмкүн эмес, Түркия Орусиядан С-400 ракеталык системасын сатып алуусу Түркиянын «Lockheed Martin» компаниясынын F-35 истребителине ээлик кылуу мүмкүнчүлүгүн азайтат жана Вашингтон тарабынан санкциялардын киргизилүсүнө алып барат деп эскертишти» («Arab Cky Newc», 2019-жыл, 26-февраль).

Б. «Америка коргоо министирлигинин басма сөз катчысы Чарльз Саммерс 2019-жылы 8-мартта: «Түркия Орусиянын анти-ракеталык системасын сатып алуусу ага чоң кесепеттерди алып келүүсү мүмкүн», - деди. Кийин ал Пентагондогу пресс-конференцияда кошумчалап: «Түркия С-400 анти-ракеталык системасын сатып алуусу биздин Түркия менен болгон алакаларыбызга, айрыкча аскерий жаатtагы алакаларга чоң доо кетирет. Түркия F-35 учагын жана Patriot ракетасын эч качан алышпайт», - деди» («DW», 2019-жыл, 8-март).

В. Шейшемби күнү Американын ТИМине караштуу жооптуулардын бири Америка Түркияга эгер Түркия С-400 анти-ракеталык системасын

сатып алууда кадамдарын улантуусу биздин алакаларда орун алып жаткан «F-35», ошондой эле келечекте курал-жарак жаатында Вашингтон менен боло турган келишимдерге өтө чоң залкасын тийгизерин билдиргенин айтты... Америка коргоо министирлигинин басма сөз катчысы билдиришинче: «Америка «F-35»ке тиешелүү жабдыктарды Анкарага жеткирип берүү ишин токтотту...». «Reuters» агентигине эки булак булактын билдирүүсүндө: Америка жооптуулары Түрк жооптууларына «Lockheed Martin» компаниясынын «F-35» учагын көзгө көрүнгүс кылуу жабдууларын жеткирип берүү ишке ашпастыгын билдишти... Пентагондун басма сөз катчысы лейтенант Майк Эндрюс баяндамада мындай деди: «Түркиянын С-400 ракеталык системасынан баш тартуу токтому күтүлүүдө, Түркияга F-35 учагын ишке киргизүүгө байланыштуу жабдууларды жеткирип берүү токтотулат» («Ал арабия нет», 2019-жыл 2-апрель).

Г. «АКШнын мамлекеттик катчысынын жардамчысы Роберт Палладино мындай деди: «Вашигтон бул келишимге олуттуу тынчсызданып жатат». Ошондой эле Палладино Түркия менен F-35 учагын шериктеш өндүрүү демилгесин да кайра карап чыгуу мүмкүндүгү бар экендигин жана келечектеги башка куралдар жаатындагы келишимдер тууралуу да кайра карап чыгуу мүмкүндүгү болуп каларын баса белгиледи. Ал кошумчалап, мамлекет, же менчик компания, же жеке адамдар С-400 ракета системасын сатып алууга катышса, мыйзам негизинде санкцияга кириптер болуп калаарын да билдирди» («CAATSA», 2019-жыл, 11-март).

10. Ал эми, келишимдин ишке ашуусуна байланыштуу жагдай төмөнкү иштер ортосунда орун алышы күтүлөт:

А. Түркия келишимди ишке ашыруу кадамдарын токтотуу чечимин чыгаруусу. Анткени, Түркия экономикалык жана саясий жактан Америка менен тыгыз байланышта. Бул келишимди тактикалык куралдарды сатып алуу менен орун алмаштыруусу күтүлөт. Мисалы, Орусиядан анти-ракета системасын сатып алуунун ордуна вертолетторду сатып алуусу. Бул сыяктуу

тактикалык куралдарды сатып алуу Америкага жана НАТОго коркунуч жаратпайт. Андан кийин Түркия өз коопсуздугу коргоо жаатында Америкадан жабдыктарды сатып ала турган болот... «Шейшемби күнү Америка коргоо министири Патрик Шэнахэн Пентагондо журналисттерге мындай деди: «Биз Түркия F-35 программасына катышуусун калайбыз, бирок, анда ал Patriot ракетасын сатып алуусу керек» («Ал арабия нет», 2019-жыл, 2-апрель).

Б. Же америкалыктар «Грек чечимин» сунушташы күтүлөт. Башкача айтканда, Орусия ракетасын кампага сактап дат бастыруу тагдырын кийгизет. Анын каршысында Американын 3 жарым миллиард доллар турган Patriot ракетасын сатып алуу. Орусиянын Грецияга саткан ракетасынын тарыхы кайталанат. Орусия биринчи бул ракетаны анын баасын төлөп берген Кипрге саткан, бирок Түркия катуу каршылык көргөзгөндүгү себебтүү Афина Түркия менен жаңжалга бааруудан сактанып, аны өзүндө калтырган. Бул дегени Түркия Орусия ракетасы үчүн 2.5 миллиард доллар төлөп бере тургандыгын билдирет. Бул чечим Дональд Трампты толук канааттандыра тургандыгы тастыкталып турат. Бирок, мынчалык үлкөн көлөмдөгү акчаны коротуу Түркия өкмөтүнө каршы оппозициянын санын калыңдатат жана Түркия элинин акчасы ысырапчылык менен коротулуп жатат, тышкы саясатта чоң катага жол берилди деген айыптоолор өкмөткө туш тараптан жаайт.

В. Же бул ракета системасын үчүнчү өлкөгө жиберүү мүмкүнчүлүгү күтүлөт, мисалы, Орусияны туталантпай, анын куралын Индияга багыттап жиберүү. Индия Кытайды ооздуктоодо Америка стратегиясы менен шайкеш иш алып барат.

Булардын ичинен басымдуурак ишке ашышы күтүлө турганы «А» пунтку болуп саналат. Жогоруда айтылган 2019-жылы 2-апрелдеги Шэнахэндин билдирүүсүндө көрүнүп тургандай, тараптар бул көйгөйдү ушундай көрүнүштө чечүүгө багыттана башташты. Ошондой эле Орусиянын

аскерий өндүрүш боюнча вице-премьери мындай билдирүү берди: «Түркиянын С-400 келишиминен кайтуусу бизге эч кандай коркунуч жаратпайт» («Алжазиира», 2019-жыл, 3-апрель). Ошондой эле ушул булак «Орус Мамдумасындагы коргоо боюнча комитеттин төрагасы Владимир Шамановдун Түркиянын С-400 келишиминен кайтуу мүмкүндүгүн акыйкаттан алыс санабагандыгын билдирди» («Алжазиира нет», 2019-жыл, 3-апрель). «Ал-арабия» булагынын 2019-жыл 4-апрелдеги маалыматында айтылышынча: «Түркия Орусиянын С-400 ракета системасынын коркунучун талкулоо үчүн Вашигтондон жумушчу жамаатын чакырды». Ушунун баары биринчи «А» пунктундагы Орусия менен ракета келишимин ишке ашырбоо кадамдары башталгандыгын тастыктап турат. Башкача айтканда, келишимди жокко чыгаруу.

**28-ражаб, 1440-х.**

**4-апрель, 2019-ж.**

## Сочи шаарында болуп өткөн Эрдоган-Путин саммити

**Суроо:** *Белгилүү болгондой, 2021-жылы 29-сентябрь күнү Россиянын Сочи шаарында Эрдоган менен Путиндин жолугушуусу болуп өттү. Эрдоганды Түркиянын Улуттук чалгындоо уюмунун жетекчиси Хакан Фидан, президенттик администрациянын алакалар бөлүмүнүн башчысы Фахреттин Альтун жана президенттин басма сөз катчысы Иброхим Калын коштоп барды. Түрк министрлеринин эч бири саммитке катышкан жок! «Көңүлдү өзүнө бурган тарабы ушул болду: үч саатка созулган жолугушуу жабык эшиктер артында өттү. Андан тышкары, Кремль мындай визиттер учурунда аткарган протоколдорго тескери түрдө эки мамлекет башчысы жолугушуунун соңунда биргелешкен басма сөз конференциясын өткөрүшпөдү. Эрдоган да, Путин да корунтунду билдирүү беришпеди...». (Шаркул Авсат, 30-сентябрь, 2021-жыл). Суроо мындай – ушул жолугушуунун себеп жана максаттары кандай?*

**Жооп:** Бул суроолорго жооп берүү үчүн ушуларды карап чыгабыз:

1 – Американын азыркы иш-аракеттеринен ал болгон күчүн Кытайга багыттап, өзүн Кытай маселесине багыштоо үчүн Ортоңку Чыгыштан чыгууну пландап жатканы о.э. региондогу малайларына ролдорду бөлүштүрүп аткаруу милдетин жүктөп жатканы көрүнүп турат. Трамп администрациясы иш баштаган алгачкы күндөрү, аныгырагы, бир аз мурун иштелип чыккан бул саясат Америка саясатында бир канча өзгөрүүлөргө себеп болгон. Ошондуктан, саясий жана аскерий күчүн Кытайдын айланасына жайгаштырган Америка ага көз каранды болгон Түркия сыяктуу чоңураак мамлекеттерди ишке салууга киришти. Трамп администрациясы Сирияда, Ливияда, Жер ортолук деңиздин чыгышында жана башка региондордо Түркияга белгилеп берген роль да дал ушул саясаттын бир бөлүгү болуп эсептелет. Түркияга берилген бул жаңы роль менен Америка Сирия кризисинин сүйлөшүүлөрүнөн иш жүзүндө өзүн четке алып, аны Түркия менен Россия ортосундагы сүйлөшүүлөргө айлантты. Натыйжада, Түркия менен Россия ортосунда Астана жана Женева сүйлөшүүлөрү болуп өттү, кийин түрк армиясы Сириянын түндүгүндө аскерий операцияларды өткөрдү.

2 – Демократтардын саясий көз караштарынан улам Байден доору башталары менен Түркиянын ролу бир аз кыскарды. Ошондуктан, АКШ президенти Байден менен Түркия президенти Эрдоган ортосундагы биринчи телефон сүйлөшүүсү 2021-жылы 23-апрелде т.а. Байден Вашингтондо президенттик кызматка олтургандан үч ай өтүп болду. Сүйлөшүүдө эки мамлекеттин башчылары 2021-жылы 14-июнь күнү Брюсселде НАТО саммити алкагында бетме-бет жолугушууга келишишти. Ушуну баса белгилөө зарыл, телефон сүйлөшүүсүнөн бир кун өтүп, АКШ президенти Түркияда армяндарга каршы кыргынды геноцид деп моюнга алышы эки мамлекеттин башчылары ортосундагы келишпестиктин анык көрүнүшү болду. Байден армяндар кыргынын геноцид деп моюнга алуу ниети бар

экенин Эрдоганга телефон аркылуу билдирген. Мунун артынан Түркия жана Эрдоган уу-чуу салышты. Лекин, булардын баары маалымат каражаттарындагы чуудан ары өткөн жок. Андан соң, эки мамлекеттин башчылары 2021-жылы 14-июнда Брюсселде НАТО саммити алкагында жабык эшиктер артында жолугушуу өткөрүшүп, Афганистан боюнча келишип алышты. Эрдоган бул жааттагы өзүнүн миссиясын жогору баалады. «Эрдоган Байден менен Афганистандагы кырдаалды талкуулаганын билдирип: «Биз даярбыз. Афганистанда Талибанды четке сүрүүнүн мүмкүнчүлүгү жок. Андыктан, АКШ жана башка мамлекеттердин колдоосун алсак, Талибан менен мамиле кылышыбыз мүмкүн», - деди». (CNN Arabic, 2021-жыл, 14-июнь). Лекин, Сириядан чыгуу маселесинде, өзгөчө, Россия менен бул жаатта алып барылган сүйлөшүүлөрдө Түркиянын ойной турган ролу маанилүүрөөк көрүнөт.

3 – Сириядан чыгуу маселеси учурда Америка үчүн эң кыйын маселе. Себеби, бул нерсе АКШнын өзүнө гана тиешелүү эмес. Анткени, ал жерде Иран, Түркия, Иран Хизби, эң маанилүүсү, Россия бар. Белгилүү болгондой, Россия Сирияга 2015-жылы 29-сентябрдагы Обама-Путин жолугушуусунан кийин, АКШ жашыл чырак жандырышы артынан кирген. Булардын баары белгилүү бир иш-чараларды талап кылат. Себеби, Америка өз кошуунун алып чыгуудан мурун башка мамлекеттердин, өзгөчө Россиянын Сириядан толук чыгышын камсыздамакчы болууда. Ошол эле учурда, Америка ар дайым колдоп-кубаттап турабыз жана Афганистанда болгондой баш тартпайбыз деп күрддөрдү кадыржам кылган. «Сирия демократиялык күчтөрүнүн башкы командачысы Мазлум Абди айтышынча, өткөн айда Афганистандан чыгышы артынан АКШ президенти Жо Байден Кошмо Штаттар Сириядагы күрд союздаштарынан эч качан баш тартпайт, деп убада берген. Мазлум Абди Хасакадагы штаб-квартирасында Таймс гезитине берген интервьюда: «Алар Сирия Афганистанга таптакыр окшобойт деп

бизди ишендирип, Америка саясаты бул жерде бүтүндөй башкача экенин баса белгилешти», - деп билдирди». (RT, 2021-жыл, 28-сентябрь).

4 – Америка өзү Сириядан чыгып, ошол эле учурда, Россиянын калышын каалабайт. Айрыкча, Россия бир канча позицияда Кытайга жакындашып, Америка саясатынан жана ал бардык этибарын Кытайга каратып жатканынан тынчсызданып жатканда, АКШ (Россиянын Сирияда калышын) каалабаганы табигый. Ошондуктан, Америка 2021-жылы 16-июнда Женевада болуп өткөн Байден-Путин жолугушуусунда Кытайдан алыстап, АКШнын позициясына жакындашуусу үчүн Россияга басым өткөргөн болушунун ыктымалы чоң... Туура, Америка Сириядан чыгууну пландап, анын атынан иштерди башкарууну малайларына тапшырууга аракет кылууда. О.э. ал Сириядан толук чыгуудан мурун Россиянын чыгып кетиши абдан маанилүү деп билип, боштукту толтуруу вазыйпасын малайларына жүктөп, бардык этибарын Кытайга каратмакчы. Лекин, ушуну унутпоо керек, Америка Россияны өзүнө теңдештирүүнү каалабайт. Ошондуктан, Сириядан чыгуу маселесин Россия менен талкуулоону Эрдоганга жүктөдү. Себеби, Америка Россия анын менен бул маселени бетме-бет олтуруп талкуулай турган даражадагы мамлекет деп карабайт. Мындан тышкары, Америка өз малайы Башарга ишенет. Миср газын Иордания жана Сирия аркылуу Ливанга жеткирүү боюнча алып барылган сүйлөшүүлөрдүн артынан Башардын региондогу мамлекеттер менен болгон мамилеси кыйла жакшырды. Ылайыктуу альтернатива табылганга чейин Башар Америка үчүн ишеничтүү малай болуп турат... Ошондуктан, Америка Россиянын Сириядан чыгуу маселесин Россия менен талкуулоону Эрдоганга жүктөдү... «Эрдоган эки тараптуу мамилелерди жана Идлибдеги акыркы окуяларды талкуулоо үчүн 29-сентябрда Путин менен жолугушарын айтты. Ал журналисттерге: «Путин мырза менен жалгыз маек курабыз. Бул бир гана Идлиб маселеси талкуулана турган жолугушуу болбойт. Сириядагы жалпы кырдаал, ал жерде кандай кадамдарды ташташыбыз керек жана эки тараптуу мамилелер

жөнүндө сүйлөшөбүз», - деди. О.э. ал Түркия менен Россия региондогу маанилүү мамлекеттер экенин баса белгилеп, Путин чыныгы мамлекет башчысы экенин, бул нерсе Азербайжан-Армения согушунда даана байкалганын билдирди». (Ал-Жазира, 2021-жыл, 28-сентябрь). Улуттук разведка уюмунун жетекчиси Хакан Фидан менен бирге сапар жасаган Эрдоган Путин менен жолугушуудан мурун мындай деди: «Сирия жаатында биргеликте шилтеп жаткан кадамдарыбыз чоң мааниге ээ. Ал жердеги тынчтык Түркия менен Россия мамилелеринен көз каранды». (Анадолу агенттиги, 2021-жыл, 29-сентябрь).

5 – Россия кырдаалды түшүнүп турат. Мындан улам, Сириядан чыгуу маселесин түздөн-түз Америка менен эмес, Эрдоган менен талкуулоону өзү үчүн акарат деп билди. Себеби, дал ушул АКШ Россияны Сирияга алып кирген. Андыктан, АКШ кантип бул маселени түздөн-түз Россия менен талкуулоонун ордуна, Эрдоганга жүктөп жатат?! Ушул себептен улам, Россия муну акарат катары кабыл алды. Анткени, Путин Американы туурап дүйнөлүк саясатка таасир өткөрө турган мамлекет башчысы катары текеберленип жүрөт! Ошондуктан, Россия АКШ бул маселени кайра аны менен түздөн-түз такуулоосуна үмүт кылып, Эрдоганга каршы позицияны карманды. Ушул аркылуу бир тараптан Түркияга сабак берип коюуну, экинчи тараптан АКШга кабар жеткирүүнү көздөдү. Бул, ушул нерселерде өз тастыгын табат:

а) «Россия президенти Владимир Путин түркиялык кесиптеши Режеб Таййиб Эрдогандын шаршемби күнү Россияга келишине кайдыгер карады. Путин жеке өзү Эрдоганды Сочи аэропортунда күтүп алуунун ордуна, Сочи мери Алексей Копайгородский менен Краснодар крайынын губернаторунун орун басары Александр Руппелди жөнөттү. Эрдоганды Сочи эл аралык аэропортунда Краснодар крайынын губернаторунун орун басары Александр Руппел, Сочи мери Алексей Копайгородский, Россия тышкы иштер министрлигинин мамлекеттик протокол департаментинин директору Игорь

Богдашев, Түркиянын Москвадаги элчиси Мехмет Самсар, Новороссийсктеги Түркия башкы консулу Фират Баяр жана Түркия элчилигинин кызматкерлери тосуп алышты». (turkeyalaan.com, 2021-жыл, 29-сентябрь).

б) Мындан тышкары, Путин «Правда» гезитине Эрдоганды акараттоо жана аны бечара деп атоону буйруду! Белгилүү болгондой, «Правда» орус гезити болуп, Советтер Союзу доорунда дүйнөдөгү эң көп тираждуу гезиттерден болгон. Учурда Кремлге жакын алдыңкы гезиттердин бири болуп эсептелет. «Шейшемби күнү Кремлге жакын Россиянын «Правда» гезитинде президент Таййиб Эрдоган акарат кылынды. Гезит катуу сөздөрдү камтыган макалада Сочи сапарынан бир аз мурун Эрдоганды бечара деп атады. Россиялык журналист Александр Шторм да «Правда» гезитиндеги макаласында: «Бечаранын кайрадан шайлануу мүмкүнчүлүгү жок...», - деп жазган». (turkeyalaan.com, 2021-жыл, 29-сентябрь).

6 – Ушуга ылайык, Путин-Эрдоган жолугушуусу башынан акырына чейин, жада калса башталарынан мурун эле ийгиликсиз болду. Чамасы, Эрдоган ушундай болорун билген көрүнөт. Ушул себептен улам, бул ийгиликсиздиктен кабардар болгондор көп болбостугу үчүн жолугушуу абдан чакан кругда өтүшүн т.а. аны менен Путин ортосунда гана болушун каалады. Ошентип, бул жолугушууда эч кандай оң натыйжа болбоду, Эрдоган ындыны өчкөн абалда Түркияга кайтты. Ал тургай, ар бир жолугушуудан кийин өткөрүлө турган протоколдук конференция да өткөрүлбөдү! «Россия президенти Владимир Путин менен Түркия президенти Режеб Таййиб Эрдоган ортосунда шаршемби күнү Россиянын Сочи шаарында болуп өткөн жолугушуу басма сөз конференциясыз бүттү. Үч саатка созулган жолугушуудан кийин эки тарап тең натыйжа же келишүү тууралуу үн катышкан жок. Дипломатиялык билдирүүлөрдөн тышкары, жолугушуунун мазмуну жөнүндө эч кандай маалымат берилбеди... Бул тууралуу саясий талдоочу Дервиш Халифа Арабий Жадид сайтына берген

интервьюда айтышынча, жолугушуунун мазмуну жөнүндө эч кандай түшүндүрмө берилбегени эки тараптын ортосунда эч кандай келишүү болбогонун, тескерисинче келишпестиктер жүзөгө келгенин көрсөтөт, ушул себептен улам басма сөз конференциясы да өткөрүлбөгөн. Дервиш Халифа жолугушуунун негизги күн тартибинде айрымдар айткандай, Украина же Ливия маселеси эмес, Сирия маселеси каралганын кошумчалады...». (Арабий Жадид, 2021-жыл, 30-сентябрь).

7 – Октябрь айынын акырында Чоң жыйырмалык саммиттин алкагында Эрдоган менен Байдендин жолугушуусу пландалган: «Түркия Президенти Режеб Таййиб Эрдоган октябрь айында өтө турган Чоң жыйырмалык саммиттин алкагында АКШлык кесиптеши Жо Байден менен жолугуша турган болду. Бир канча булактар саммитте Эрдогандын АКШ президенти Байден менен жолугушуусун маалымдашты». (Анадолу агенттиги, 2021-жыл, 28-сентябрь). Чамасы, бул жолугушуу Эрдоган-Путин жолугушуусу ийгиликсиз чыгышы артынан кандай кадамдар ташталары жөнүндө болот!

Эгер, Америка Россиянын Кытайга карата позициясын көзөмөлгө ала алса т.а. Кытайга каршы Россияны өзүнө тарта алса, Эрдоганды бүтүндөй этибарсыз калтырып, ийгиликсиздиктери менен чырмашкан ахвалда таштап коёт! Эгер, Америка Россиянын Кытайдан алыстоосун кепилдеп алса, Россия менен кайра дагы келишүүгө барышы мүмкүн. Анткени, мындай колонизатор мамлекеттер өздөрүнүн кызыкчылыктары жүзөгө чыгарын билсе, өз малайларынын же таасири астындагылардын кадырын сокур тыйынга да теңебейт.

8 – Кыскасы, маселени минтип жыйынтыктоо мүмкүн:

а) Америка Ортоңку Чыгыштан чыгууга, иштерди өзүнүн малайларына жана таасири астындагыларга тапшырууга, ал тургай адаттагы жаңжалга эмес, суук согушка алып барса да бардык этибарын Кытайга каратууга даярданууда. Ошондуктан, Вашингтондогу Кытай элчилигинин басма сөз катчысы Лю Пэнъюй АКШ, Британия жана Австралия ортосунда түзүлгөн

AUKUS коргонуу альянсы жөнүндөгү билдирүүдө АКШны минтип айыптады: «Бул мамлекеттер башка тараптардын кызыкчылыктарына каратылган же зыян жеткире турган эксклюзивдүү блокторду түзбөстүгү, биринчи кезекте суук согуш менталитетинен жана идеологиялык тарапкечтиктен баш тартышы лазым»... (Ал-Жазира, 2021-жыл, 16-сентябрь).

б) Бир кездерде Россияны титиретип келген Усманий мамлекет учурда жок болгондуктан Россия жана башка душман мамлекеттер жеңил дем тартышууда. Россия бүгүнкү күндө Түркия башчыларына ишара менен да көрсөтүлбөй турган даражада күчсүз, эч кандай салмакка ээ эмес деп карайт.

в) Бул окуялардын оң тарабы да бар. Ал да болсо, колонизатор кафир мамлекеттер ыпыр-сыпырларын жыйыштырып, мусулман өлкөлөрүнөн чыгууга аттанып калышканы. Бул болсо, даъватчылар жана хаккка ээрчигендер Ислам жана мусулмандардын даражасы көтөрүлүшү, куфр жана анын калкы жер менен жексен болушу жөнүндө кушкабар жеткириши үчүн ыңгайлуу мүмкүнчүлүк.

«Албетте мында (билгич) жүрөк ээси болгон же өзү күбө болуп жаткан абалда кулак салган киши үчүн үлгүлөр бар» [50:37]

**29-сафар, 1443-х.**

**6-октябрь, 2021-м.**

## Түрк лирасынын эң төмөнкү деңгээлге түшүшү жана анын 2023-жылдагы президенттик шайлоого тийгизе турган кесепеттери

**Суроо:** *Түрк лирасы эки айга жетпеген кыска мөөнөттүн ичинде эң төмөнкү деңгээлге түшүп 30%дан ашык наркын, быйылкы жылдын башынан бери 45%дан ашык наркын жоготту. Инфляция эки эсеге өсүп, болжол менен 21%ды түздү. Баалар кыйла көтөрүлдү. Белгилей кетсек, лира 2013-жылдан бери тынымсыз төмөндөөдө. Мунун себеби эмнеде? Бул кризис менен кандай күрөшүү жана лира кунун төмөндөшүн кантип токтотуу мүмкүн? Анын 2023-жылдагы шайлоого кандай таасири бар?*

**Жооп:** Мунун себептерин жана анын кесепеттерин билүү үчүн биз төмөнкү маселелерди карап чыгабыз:

1- Ооба, жыл башынан бери валюта (лира) долларга карата өз наркынын 45%га жакынын жоготту! Октябрдын аягынан бери болжол менен 30% жоготту. Мунун баары карыздын көптүгүнөн, шашылыш карыздардын мөөнөтү жана мөөнөтү бүткөндө төлөй албагандыктан келип чыкты. Бул нерселер валютанын девальвациясында (куну түшүп кетишинде) маанилүү роль ойнойт. Түркиянын Каржы министрлиги 2021-жылдын 31-мартында жарыялаган билдирүүдө тышкы карыздын көлөмү болжол менен 448,4 миллиард долларды түзгөндүгү белгиленген. Негизги карыз 262,1 миллиард долларды түзүп, карыздар боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөөдөгү үстөк пайыздардын негизинде көбөйгөн. Ал эми, Түркиянын бир жылдын ичинде төлөшү керек болгон шашылыш карызы болжол менен 168,7 миллиард долларды түздү. Түркия карыздарды төлөө үчүн башка жактардан карыз алууга муктаж болуп, ошону менен ал карызды төлөө циклинде калды. Көрүнүп тургандай, Түркия бул шашылыш карыздарды төлөй албай жатканы белгилүү жана алар чет өлкөлүк валютада төлөнөт. Карызды төлөө планы түрк экономикасына оор басым жасоодо. Төлөм тартыштыгы өткөн октябрда 3,7 миллиард доллардан ноябрда 12 миллиард долларга чейин өстү. Декабрь айынын тартыштыгы болжол менен 10,4 миллиард долларды түзөрү күтүлүүдө. Банктарда иштеген кээ бир түрк экономисттеринин божомолуна ылайык, келерки жай айларына чейин дефицит айына 9 миллиард доллар өлчөмүндө болушу күтүлүүдө. Эрдоган чет элдик валюталарды сатып алып, аны Борбордук банкка жеткирбестен базарлардан чыгарып жаткан белгисиз тараптарды күнөөлөөгө аракет кылды. “Эрдоган мамлекеттик көзөмөл кеңешине ири өлчөмдөгү чет элдик валютаны сатып алган мекемелерди аныктоону жана кандайдыр бир манипуляция болгон-болбогонун аныктоону тапшырды”. Эрдоган: “Биздин өлкө көз карандысыз экономика үчүн күрөшүп жатат жана багытты өзгөртүү үчүн кысымга алдырбайт. Түркияны

теӊ салмактуулуктан чыгаргысы келгендердин валюта курсун, пайыздарды жана бааларды көтөрүү манипуляцияларына күбө болуудабыз", - деди. ("Жакынкы Чыгыш", 27.11.21). Мына ушунун баары жоопкерчиликтен качып, чындыкты жаап-жашыруу аракети жана алсыздык. Сырттан үстөк пайыздуу карыз алуу үчүн ар кандай тараптарга эшик кенен ачылды. Бул тараптармамлекет болобу, компаниялар болобу же кредиттик карталарды колдонуу менен карыз алган жеке адамдар болобу, айырмасыз, пайыздуу карыз алууга эшиктер кенен ачылган. Карыздар чет элдик валюта менен төлөнөт. Мунун баары чыныгы кризисти жаратып, акыбетте валюта арзандап, жакырчылык күч алууда. Кредитордук банктар жана финансы институттары өз өлкөлөрүнүн, айрыкча, колонизатор өлкөлөрүнүн казынасын гана толтурушат. Кийин алар өлкөнүн иштерине кийлигишип, ага үстөмдүк кылууну күчөтөт.

2- Натыйжада, баалар укмуштуудай кымбаттады. Түркиянын Статистика мекемеси 2021-жылы 3-декабрда жарыялаган билдирүүдө мындай делет: "Ноябрь айында өлкөдөгү инфляция жылдык негизде 21,31 пайызды түздү". ("Анадолу", 03.12.21). Бул экономикалык төмөндөөгө алып келет. Бул пайыз Эрдогандын өкмөтү белгилеген максаттан төрт эсе жогору. Бул көптөгөн үй-бүлөлөр үчүн жашоо баасын өтө кымбат кылат. Көптөгөн адамдар карыздарын төлөй албай калышына шарт жаратат. Түркия Республикасынын Президенттине караштуу Бюджет жана стратегия боюнча төрагалыгы 2021-жылы 12-февралда жарыялаган отчетто мындай делет: "Сүткордук (пайыздык) карызын төлөй албай калган керектөөчүлөрдүн саны быйыл өткөн жылга салыштырмалуу 127,2%га өстү. Белгилей кетсек, Түркияда насыя картасын колдонгон же үстөк пайыздуу карыздарлардын, башкача айтканда, пайыз менен насыя алгандардын саны 35 миллионго жакын". Казына жана каржы министри Лотфи Алван айтат: «Кредит картасын колдонгондордун саны 34 миллион 119 миӊ 250 киши. Алардын 874

миллиард 300 миллион түрк лирасындагы карыздары бар". ("BBC Turk", 14.09.21).

3- Мамлекет, президент жана мамлекеттик институттар экономиканын өсүшү үчүн элди керектөөнү көбөйтүүгө үндөй баштады. Бул – элди арам сүткорлук негизде карыз алууга түртөт. Эгерде, Борбордук банк Эрдогандын талабы боюнча сүткордук наркын 24%дан 19%га чейин төмөндөтсө да, акыркы айлардагыдай 15%га чейин азайтканы да абалды өзгөртүп ийбейт. Муну менен президент 2021-жылы 17-ноябрда парламенттеги партиясынын депутаттарына чыгып сүйлөгөн сөзүндө буга токтолуп, мусулмандардын сезимдерин пайдаланууга аракет кылды. Ал мындай деди: "Сүткорлук – себеп, инфляция – натыйжа. Бул үчүн биз инфляция менен күрөшөбүз жана сүткорлуктун элибизди эзүүсүнө жол бербейбиз". Сүткорлуктун 24%, же 19%, же 15% болушунун айырмасы жок, анткени анын аз-көп пайыздуу болушуна карабастан ал арам. Ал эми, ким аны жесе же аны адалдаса жана ага үндөсө, анда ал Аллах жана Анын элчиси тарабынан боло согушка макулдук берген болот. Эрдоган жана анын партиясы 2002-жылдан берки 19 жылдык исламчылмын деп жүйөлөгөн башкаруусунда көпчүлүк адамдарды сүткорлукка аралаштырды! Насыялар сүткордук негизде болуп турганда аны алууга элди шыктандыруунун максаты – экономикада жылыш, өсүүнү камсыздоо. Башкача айтканда, бул сатып алуу, сатуу жана инвестициялоо жагынан базар кыймылынын көбөйүшүн жана жумушсуздуктун кыскарышын билдирет. Бирок, мунун баары Түркия калкы сүткорлук менен карыз алуу аркылуу керектөөнү көбөйткөн сайын тескери таасирин берди. Алардын жакырчылыгы жана жардылыгы көбөйдү, капитал ээлеринин байлыгы жана капиталы көбөйдү. Эл Эрдоганга наараазы болуп, ага каршы үндөр көтөрүлүп, популярдуулугу төмөн деңгээлге түшө баштады. Президенттик шайлоо жакындап калды, ал 2023-жылы 18-июнда өтөт. Учурда Түркияда колдонулуп жаткан капиталисттик, секулярдык

демократиялык система сүткорлуктун жайылышынын негизги мотиви болууда, себеби ал бул системанын түркүктөрүнүн бири.

4- Президент 2021-жылдын 19-мартында жогорку пайыздык саясатты жактаган Борбордук банктын мурунку төрагасы Нажи Икбалды кызматтан алып, алдыдагы парламенттик жана президенттик шайлоолор алдында экономиканы жандантуу үчүн, сүткордук кызыкчылыкты азайтуу жана баанын туруктуулугун калыбына келтирүү үчүн Кавучиоглуну дайындады. Бул тууралуу Түркиянын Борбордук банкынын төрагасы Шихаб Кавучиоглу билдирип мындай деди: “Борбордук банктын валюта рыногуна кийлигишүүсүнүн максаты рынокто болуп жаткан туруксуздукту жоюу болуп саналат. Позициябыздын учурдагы акча-кредит саясатына болгон кумулятивдик (топтомдук) таасири 2022-жылдын биринчи жарымында байкалат”. (“Анадолу”, 02.12.21.). Эрдоган Казына жана каржы министри Лутфи Алванды кызматтан алып, анын ордуна Нуреддин Небатинин дайындады, бул тууралуу 2021-жылы 2-декабрда Түркиянын расмий гезитинде жарыяланды. Белгилей кетсек, Эрдоган аны бир жыл мурун күйө баласы Берат Албайракты 2020-жылдын 11-сентябрында кызматтан алгандан кийин дайындаган. Бул жагдай саясаттагы башаламандыкты жана чечимдерди сунуштоодогу калпыстыкты көрсөтүп турат. Ошодой эле, бул нерсе Эрдоган өзү дайындаган башка адамдар да ийгиликсиз экенин көрсөтөт.

5- Эрдоган Американын аймактагы саясатына кызмат кылууну улантууда жана аны кызыкчылыктарын ишке ашырып берүүдө. Ал Америка орбитасында айланууда. Эрдоган мунун акысына Америкадан ар тараптуу колдоо алып турат. Ушул себептен улам, америкалык эл аралык кредиттик рейтинг компанияларынын отчетунда Эрдоганга карата оң маанайдагы отчеттор жарыяланды. 2021-жылы 1-декабрда Американын Standard & Poor's кредиттик рейтинг агенттиги түрк экономикасынын өсүшү боюнча божомолдорун жарыялады. Standard & Poor's “Түркия экономикасынын

быйылкы өсүү божомолун 1,2 баллга жогорулатып 9,8 пайызга, 2022-жылдагы өсүү божомолун 0,4 баллга жогорулатып 3,7 пайызга чыгарды. Ал өткөн сентябрда Түркия экономикасы 2021-жылы 8,6%га өсөрү боюнча божомолун жарыялаган". ("Анадолу", 01.12.21.). Андан кийин 2021-жылдын 2-декабрында АКШнын кредиттик рейтинг агенттиги Fitch түрк экономикасынын өсүүсүнө оң баа берген билдирүүсүн жарыялады. Билдирүүдө Түркиянын экономикасы быйыл сентябрь айында жарыяланган 9,2 пайыздын ордуна 10,5 пайызга өсүүсү күтүлүп жатканы белгиленди. Ошондой эле, агенттик Түркия экономикасынын 2022-жылга карата өсүү божомолун 3,5 пайыздан 3,6 пайызга көтөрдү жана Түркиянын кредит рейтингин "BB-" деңгээлинде сактады. Агенттиктин билдирүүсүндө Түркиянын экономикалык өсүүсү башка өлкөргө салыштырмалуу күчтүү экенин көрсөттү. Бирок киши башына туура келген киреше 2013-жылдан бери доллар кыйматына жараша азайып барууда. ("Анадолу", 03.12.21.). 2021-жылдын 3-декабрында АКШнын Moody's эл аралык кредиттик рейтинг агенттиги Түркия рейтингине терс баа берүү менен анын дегээлин "B2" даражасында калтырды. Агенттик мындай билдирүү берди: "Түркиянын негизги тышкы аялуу тобокелдиги учурдагы эсептин тартыштыгынан улам төмөндөдү. Бул – валюта резервдерин таза дүң негизде акырындык менен реструктуризациялоону колго алууну билдирет. Жергиликтүү валютанын учурдагы алсыздыгына карабастан, Түркия чоң жана көп тармактуу экономикага ээ. Ал эми, өлкөнүн экономикасы быйыл 11%, 2022-жылы 4% өсөт деп күтүлүүдө". Агенттик өткөн жылдын ноябрь айында жарыяланган отчетунда түрк экономикасы быйыл 9,2% өсөөрүн күткөн болчу". ("Анадолу", 04.12.21.). АКШнын эл аралык рейтинг компанияларынын бул билдирүүлөрү Эрдоганды колдоо катары каралууда. Демек, Америка Эрдогандын алдыдагы шайлоодо ийгиликке жетишин каалайт жана ал Америкага кызмат көрсөтүп жатат. Ошондуктан, Америка анын ордун баса турган күчтүү альтернативаны ушул кезге чейин аренада таба элек.

6- Түрк президенти чет элдик инвестицияларды тартуу жана чет өлкөдөн түрк инвестицияларын издөө аркылуу экономиканы колдоого жана валютанын баасын сактоого аракет кылып, Перс булуңундагы өлкөлөргө багыт алууда. Ошондон улам, ал дайыма талашып-тартышып жүргөн Бириккен Араб Эмираттарына жылмаңдай баштады. Эмираттардын мураскер ханзаадасы Мухаммед ибн Заид Түркиянын президенти Эрдогандын чакыруусу менен 2021-жылы 24-ноябрда расмий сапар менен Түркияга келди. Белгилей кетсек, ал экөө 2021-жылдын 31-августунда телефон аркылуу сүйлөшүшкөн, анда эки тараптуу мамилелер жана аймактык маселелер талкууланган. Андан соң Түркиянын тышкы иштер министри Мевлүт Чавушоглу Түркия-Эмират мамилелеринде акыркы мезгилде оң маанай өкүм сүрүп жатканын белгиледи. Бул иш сапарда Түркия менен БАЭ, Эрдоган жана Ибн Заиддын катышуусунда түрдүү тармактарда 10 келишимге кол коюлду. Андан соң Ибн Заид өзүнүн Твиттердеги баракчасына мындай деп жазды: “Бүгүн Анкарада Түркиянын президенти Эрдоган менен жолугуп, жемиштүү сүйлөшүүлөрдү жүргүздүк. Талкуулардын жүрүшүндө биздин экономикалык мамилелерибизди чыңдоо мүмкүнчүлүктөрү көбүрөөк талкууланды. Ал эми, Абу-Даби өнүктүрүү холдингинин директорлор кеңешинин төрагасы Мухаммед Хасан Аль-Сувайди: “БАЭ Түркияга инвестиция салуу үчүн 10 миллиард доллар бөлүүнү чечти”, - деди. Түркиянын тышкы иштер министри келерки айда Абу-Дабиге барарын билдирди”... (“Anadolu”, 24.11.21.). Андан кийин түрк лирасы долларга карата бир аз кымбаттады. Анан кайра төмөндөп кетти. Эрдоган бир жылдан ашык убакыттан бери аймактагы өзү талашып-тартышкан режимдер менен элдешүү үстүндө иштеп жатат. Анткени Эрдогандын атаандаштыктары принципиалдуу эмес, балким өзү орбитасында айланып жүргөн Американын кызыкчылыктарына жана саясаттына байланыштуу. БАЭ яхудий вужуд менен алакаларды нормалдаштырды, ал эми, Эрдоган да яхудийлер менен алакаларды нормалдаштыруучу болуп саналат жана нормалдаштырууну

ырастайт. Булар жана аймактагы башка режимдер да Палестинага каршы тил бириктирип, яхудийлердин Палестинаны басып алуусуна унчукпай турушат.

7- 2021-жылы 6-декабрда Түркиянын президенти Катарга иш сапары менен барды. Бул иш сапар Катар Эмиринин чакыруусу менен эки өлкөнүн ортосундагы Жогорку стратегиялык комитеттин жетинчи жыйынына катышуу үчүн болсо да, Эрдоган Катарга барар алдында өткөргөн маалымат жыйынында мындай деди: “Түрк ишкерлеринин Катарда ишке ашырган долбоорлорунун көлөмү 15 миллиард доллардын тегерегинде. Эки өлкө экономикадан коргонууга, соодадан инвестицияга чейин көптөгөн тармактарда өз ара пайданын негизинде өнөктөштүктү бекемдеди. Булуңдагы боордошторубуз менен мамилебизди орток кызыкчылыктарыбыздын жана бири-бирибизге болгон урмат-сый алкагында басмырлоосуз өнүктүрүүнү улантабыз”. (“Анадолу”, 06.12.21.). Катардын тышкы иштер министри Мухаммед ибн Абдурахман Аль Сани түрк кесиптеши Мевлүт Чавушоглу менен өткөргөн маалымат жыйынында мындай деди: “Эрдоган Доха сапары алдында, стратегиялык комитеттин жетинчи сессиясынын жыйынында Түркия менен Катар ортосундагы 12 келишимге кол коюлушу күтүлүүдө”. (“Анадолу”, 06.12.21.). Андан кийин Катар менен Түркиянын ортосунда 14 кызматташтык келишимине кол коюлду: Катар менен Түркия 14 келишимге кол коюшту жана Эрдоган Анкаранын Перс булуңундагы мамлекеттер менен кызматташууга ынтызар экенин тастыктады... Жетинчи сессиянын иши Катар мамлекетинин эмири шейх Тамим бин Хамад Аль Сани менен Катардын борбору Дохага барган президент Эрдогандын жетекчилигинде өттү. Эки тарап экономика, инвестиция, өнөр жай, коргонуу, коопсуздук, кайрымдуулук, медиа, маданият жана спорт сыяктуу түрдүү тармактарда 14 кызматташтык келишимине кол коюшту... (“Al Jazeera”, “Анадолу”, 07.12.21.). Бул – Эрдогандын түрк экономикасын колдоо жана түрк лирасынын кулашына жол бербөө аракети.

8- Валюта кунунун кулашы жакын арада токтошу мүмкүн эмес. Анын кыйрашын токтотуу аракеттери көрүлүп, жасалып эле келе жатат. Бирок, эч кандай майнап чыкпайт, анткени бул аракеттердин негизи бузук жана жараксыз. Лира 2004-жылдын аягында бир миллион 797 миң лирага чейин кулагандыктан, 2005-жылдын 1-январынан баштап алты нөлдү алып салуу чечими чыгарылып, доллар 1,79 лирага барабар болду. Бирок, ал көпкө созулган жок. 2013-жылдан бери лиранын куну түшө баштады. Барган сайын кулашы тездеди. Лиранын девальвациясы түрк экономикасынын начарлашына байланыштуу. Ал эми, Түрк экономикасынын абалынын начарлашынын себептери негизинен ал таянган негиздерге жана ага ылайык колдонулган саясаттарга байланыштуу. Эгер, экономика таянган бул негиздер түп тамырынан алынып салынбаса, эл бул сүткордук экономиканын отуна күйүп бактысыздыкта күн кечире берет. Бул экономика негиздери бузгунчу капиталисттик негиздерге таянган. Ал өндүрүштү, өсүштү көбөйтүүгө жана керектөөнү стимулдаштырууга гана таянган экономика. Ошол үчүн, Эрдоган жана анын светтик режими исламда катуу тыюу салынганына карабастан, үстөк пайыздуу насыя алууга кенен жол ачты. Көпүрөлөрдү, жолдорду, туннелдерди, метро жана аэропортторду куруу сыяктуу мамлекеттик долбоорлорду ишке ашыруу үчүн чет элдик инвестициялык компанияларга эшик ачты. Бул чет элдик компаниялар карапайым элден акча чогултуп, алардан пайда көрөт. Белгилей кетсек, булар Ислам буйругандай мамлекет бардык адамдарга бекер бериши керек болгон коммуналдык кызматтар болуп эсептелет. Экономикалык маселени чечүү — коомдук каражаттарды жана жалпы байлыкты коомдун бардык мүчөлөрүнө жеткиликтүү бөлүштүрүү жана андан коомдун ар бир мүчөсү пайдалана ала тургандай шарт түзүп берүүдөн турат. Куран жана Сүннөттөн алынган ислам конституциясынын беренелеринде көрсөтүлгөндөй, коомдун ар бир мүчөөсүнүн бардык негизги муктаждыктарын толугу менен камсыз кылуу, ошондой эле, алардын камалий муктаждыктарын да жогорку деңгээлде

камсыздоо важиб. Ошол эле учурда, түрк лирасын доллардан ажыратып, аны шарий өкүмгө ылайык алтын менен күмүшкө негиздеш керек. Экономиканы чет өлкөлөргө, өзгөчө сүткордукка негизделген чет элдик насыяларга көз карандык кылуу коркунучтуу жана өлүмгө алып келет. Аллах сүткорлук менен алектенгендерди Өзүнөн жана Элчисинен боло турган согуш менен коркуткан. Алла Таала айтты:

«Эй момундар, Аллахтан корккула жана эгер чыныгы момун болсоңор, риба саркындыларын таштагыла. Эми эгер (буйругубузду) кылбасаңар, анда Аллах жана Расулу тарабынан болуучу согушту угуп-билип койгула! Эгер тообо кылсаңар, мал-мүлкүңөр өзүңөргө, залим да, мазлум да болбойсуңар» [2:278-279]. Аллах Таала Анын хидаятына ээрчигендерге бактылуулукту сүйүнчүлөдү. Ал эми, анын хидаятына ээрчибегендерди азап жана бактысыздык менен эскерти. Алла Таала айтты:

«Ким Менин хидаятыма ээрчисе, жолдон адашпайт жана бактысыз болбойт. Ким Менин эскертмемден баш тартса, анда, албетте ал үчүн бактысыз турмуш болот» [20:123-125]. Сөз акырында: «Бул (Куръан) адамдар үчүн туура жолду баян кылуучу жана таква ээлери үчүн хидаят жана насаат» [3:138-139]

**12-ноябрь, 2021-ж.**

## Украина боюнча берилген суроолорго жооптор

## Украинадагы революция тууралуу

**Суроо:** *Украина шайлоолорунун экинчи туру 2004-жылы 26-декабрда кайта өткөрүлүшү белгиленди. Мында да оппозиция жетекчисинин утуп чыгышы күтүлүүдө. Украинадагы элдик оппозиция кыймылы да Грузиядагы элдик оппозиция жүргөн жолдон барууда жана ал да Украинаны Америка таасири астына киргизип, Россиядан бүтүндөй четтетет дешке болобу?*

**Жооп:** Украина маселесин күзөткөн адам анын Грузия маселесинен айырмаланганын көрөт. Грузия Советтер Союзу республикаларынын ичинен биринчилерден болуп Россиянын таасиринен чыгып кеткендиктен,

Американын таасири ага мурунураак кирип келген эле. Шеварднадзе американыктарды мамлекетке киргизип, алар менен аскердик жана экономикалык келишимдерди түзгөн. Кийин өзү да кандайдыр бир аракетке ээ болмокчу болуп, Россия тарапка да, Америка тарапка да умтулмакчы болгондо, аныгыраагы, таякты ортосунан же ортосуна жакыныраак жеринен кармамакчы болгондо, Америка өз адамдарын, эң ооолу малайы Саакашвилини козгоду. Ал болсо анын сөзү менен айтканда, «тукаба төңкөрүшү» аркылуу бийлик башына келип, Шеварднадзени бийликтен кетүүгө мажбур кылды.

Украина болсо Россияга бекем байланган о.э. анын маанилүү союздашы, кала берсе, ушундай бир украиндер бар деп кой, алар өздөрүн орус деп эсептешет, орус тилинде сүйлөшөт. Айрыкча, чыгыш Украинада жашоочу көп сандуу калк теги орустардан таркагандар. Ушуга караганда, Американын Грузия сыяктуу Украинаны көзөмөлдөшү жеңил болбойт.

Ушуга карабастан, Америка Украинага өзүнүн уюмдарын түздөн-түз же кыйыр түрдө алып кирүүгө аябай урунуп көрдү. Борбордун өзү Киевде Фридом Хаус (Азаттык үйү) институтунун филиалы бар. Аны ЦРУнун мурунку директору Жеймс Вулси Америкадан туруп башкарат. «Фридом Хаус»тун Сербия президенти Милошевичти Сербия студенттеринин жетекчиси Александр Марич аркылуу кулатууда зор салымы бар. Ал президенттик үчүн болуп жаткан шайлоо кампаниясынын алдында Украинага да кирүүгө урунуп көрдү, бирок, кирүү визасын ала албады. «Фридом Хаус»тун Грузиядагы элдин козголушунда да үлүшү бар.

Америка Украинада канчалык күч сарптаган болбосун, Россия ал жерде терең тамыр жайгандыктан жана Украина Россия үчүн өтө маанилүү болгондуктан, аны өз көзөмөлүнө алышы жана Россиядан четтетиши оңой эмес. Себеби, ал калкынын саны жагынан чоң мамлекет (48 миллион калкы бар), демографиялык жана географиялык жактан Россия менен дээрлик бирдей. Россия менен Украинанын арасында бөгөт жок. Грузия болсо

мындай эмес, ал калкы 5,5 миллиондон турган чакан мамлекет, аны Россиядан Кавказдагы исламий аймактар бөлүп турат.

Ушуларга ылайык айта турган болсок:

Грузияда элдин козголушунан мурун эле Американын таасири болгон, Грузия мурунку Советтер союзу таркалар замат андан тез алыстаган. О.э. ал чакан жана Россия үчүн  зор мааниге ээ эмес. Ал эми, Украина болсо Россияга тыгыз байланган. Калкынын саны жагынан да, географиялык жактан да, айрыкча, чыгыш тараптан созулуп кеткендиги, аймагынын кеңдиги, Россия үчүн зор мааниге ээ экендиги, азыркы элдик козголоңдон мурун Америка таасири кирип келбегендиги – ушулардын баарынан көрүнүп тургандай, Украина маселеси Грузияныкынан айырмаланат. Американын Грузияда шайлоодо утуп чыга алганы, Грузиядан Россиянын таасирин сүрүп чыгарып, Путинди жаакка чаба алганы – анын Украинада да ушундай утушка жетише алат дегени эмес.

Ющенко башчылыгындагы элдик кыймылга каршы Украинада Россия таасиринин активдүү ролу бар экендиги анык. Себеби, Россия шайлоолорду кайтадан баштоого же Ющенкону тикелөө боюнча опозициянын бир катар урунууларына тоскоолдук кылды жана анысын дале улантууда. Украина парламентинде конституцияга өзгөртүүлөр киргизип, республика президентинин ыйгарым укуктарына чектөө коё алды. Эмнеге дегенде, кайта шайлоолордо Ющенконун утуп чыгышынын ыктымалы жогору.

2004-жылы 8-декабрда, парламент президенттин укугун чектөө боюнча конституцияга өзгөртүү киргизүүгө добуш берди. Буга ылайык, жогорку мансаптарга кызматкерлерди дайындоо президенттен парламентке өткөзүлөт. Премьер-министрди, коргонуу жана тышкы иштер министрлерин мурун президенттин өзү дайындап келсе, эми аларды парламенттин тастыкташы шарт кылып коюлду. Ющенко менен анын тарапкерлери канчалык каршылык көрсөтүшпөсүн, бул иштер Россия менен анын Украинадагы тарапкерлери

тарабынан ишке ашырылды. Ушундай болгон соң, Ющенко да мажбуран ыраазы болду.

Россия жогорку соттун жыйналышында да ушундай таризде тоскоолдук кылган эле. 4-декабрда жогорку соттун жыйналышы болуп өттү, Россия шайлоонун экинчи турун мүмкүн болушунча кийинкиге созууга умтулуп, анын 2004-жылы 26-декабрда өткөрүлүшүнө жетишти. Россиянын мындан көздөгөн максаты, конституцияга толук өзгөртүү киргизип алуу жана иштерди өз пайдасына чечмекчи болгон оппозициянын демин суутуу эле. Себеби, оппозициянын дымагы шайлоодон кийинки алгачкы күндөрдө т.а. оппозиция жетекчилеринин бири Юлия Тимошенко Ющенкону республика президенти катары конституция антын ичсин деп куттуктаганда көзгө көрүнгөн эле. Кайта шайлоонун 26-декабрга кечиктирилиши оппозициянын каалоосуна тескери келет, анткени, бул нерсе алардын демин суутуп жиберет. Негизи, бул жогорку соттун 2-декабрда өткөрүлө турган жыйналышына Россиянын таасири болду. Себеби, Украина президентинин 2-декабрда Москвага кыска мөөнөттүү визит жасашы күтүүсүздөн жарыяланып калды. Бул учурда ал Путин менен жолугушуп, Киевге кайтып келди да, эки күндөн кийин жогорку соттун жыйналышы чакырылды.

Жогорудагы нерселерден көрүнүп тургандай, Украинада Россияга туура келбеген америкача чечимдин пайда болушу оңой эмес. Америка бийлик башына Россияга туура келбеген өз адамдарынын бирин алып келген күндө да, Россия аны тез эле алып таштайт. Россия Американын ар кандай чечимине саясий жолдор менен чек коё албаса да, коркутуу жолу менен чек коюунун өтөсүнөн чыга алат. Себеби, ал жогоруда айтылган Юлия Тимошенконун кылмыш иштерин Интерполго тапшыртты жана анын аты 8-декабрга чейин Интерпол тизмесинен орун алып турду. Парламент конституцияга киргизилген өзгөртүүлөрдү тастыктаган кезде, Тимошенко Россия таасири канчалык күчкө ээ экендигин билди. Ошондуктан, ал үнүн өзгөртүп: «Россиянын Украинадагы кызыкчылыктарын да эсепке алуу

зарыл», - деди. Кийин, «Ющенко утуп чыкса, эки мамлекеттин ортосундагы мамилелер дагы да жакшырат» деп белгиледи жана Интерпол аркылуу колго алынууга негиз берген Россия прокуратурасынын санкциясы жабыларынан үмүтү бар экендигин билдирди. Мындан сырткары, айрым кабарларда айтылышынча, Ющенконун азыркы кесели ууланyy себептүү болгон, Россия менен анын тарапкерлеринин бул иште тиешеси болушу мүмкүн. Бир сөз менен айтканда, Американын Украинаны Грузия сыяктуу өз көзөмөлүнө алып, Россиядан четтетиши оңой эмес.

Американын муну түшүнүп тургандыгында шек жок. Ушул орунда бир суроо туулат: Оппозицияны козгоо үчүн Америка тарабынан сарпталган ири каражаттан кандай максат көздөлгөн? Жооп мындай: Америка Грузия сыяктуу Украинаны өзүнө оодуруп, Россиядан бүтүндөй четтете албашын абдан жакшы билет. Бирок, Чыгыш Европа мамлекеттери Европа союзуна кошулуп, Европа союзу Украинага жакындашып калган соң, ал Европанын быкынында да курч кырдаал очогун пайда кылмакчы болду т.а. биерде да жаңы Югославия пайда кылмакчы болду. Кыскасы, бир ок менен эки коён атмак болду. Ооба, Европа үчүн бир проблеманы – чыгыш Украинанын бөлүнүп чыгышын же кеминде автономия талап кылышын жана Украинада кырдаалдын туруксузданууcун – пайда кылган болот да, муну менен аны коркутуп, алек кылып коёт. Ошол эле учурда Россияга да бир проблема пайда кылат. Себеби, Россия Украинанын колдон чыгып кетишине жөн карап турбайт. Анткени, Россия чыгыш Украинада – Украинанын өнөржайы менен экономикасынын жан тамыры эсептелген жайда – күчтүү таасирге ээ. Ошентип, Америка муну менен Россия жана Европанын быкынында басым берүүчү жана соодалашуучу билетти пайда кылган болот, бул болсо өз кезегинде Америка региондор үчүн иштеп чыккан долбоорлордо – мейли, алар Жакынкы Чыгыш тууралуу болсун, мейли, же Азиянын башка жерлери тууралуу болсун – Европа менен Россияны анын тынчын алуудан чектеп турат.

Мындан Украина окуяларын козгоодо Американын күчтүү ролу бар экендиги да; кырдаалдын курчуп кетишинен коркуп, окуяларды жеңилдетүүгө урунган Европанын ролу да; Американын ролуна каршы турган Россиянын ролу да даана көрүнүп турат.

Окуяларды күзөтүп жаткан Американын ролуна келсек, элдик козголоңдун замбиреги эсептелген Ющенко Американын адамы экендиги анык. Ал Улуттук демократиялык институт аркылуу даярдалган. Ага болсо Американын мурунку мамлекеттик катчысы Мадлен Олбрайт башчылык кылды. Айрым булактардын айтышынча, Ющенконун жубайы Катерина Америка тышкы иштер министрлигинде иштеген. Ющенконун шайлоо кампаниясын даярдаган да, ал кампанияга Американын Украинадагы «Ачык коом» фондусунун төрагасын атайлап директор кылып тандаган да Мадлен Олбрайт. Бул уюмду каражат менен америкалык жөөт миллиардер Жорж Сорос камсыздайт. Грузия окуяларында да анын көзгө көрүнөрлүк ролу болгон.

Кыскасы, оппозициялык кыймыл Американын иши болгон десе болот.

Европанын ролуна келсек, белгилүү болгондой, Европа эң оболу оппозиция менен өкмөттүн ортосунда пайда болгон жараканы түзөтмөкчү болду. Кырдаал курчуй элегинде – айрыкча, чыгыш чөлкөмдөр бөлүнүп чыкмакчы экенин же элдик добушка салуу аркылуу автономияга ээ болмокчу экенин жарыя кылган кезде о.э. Ющенконун тарапкерлеринин демонстрацияларына жооп катары шайлоодо расмий утуп чыккан азыркы премьер-министр Виктор Януковичтин тарапкерлери аны колдоп-кубатташ үчүн көчөлөргө демонстрацияга чыккан кезде – ал тезинен бул проблемадан чечим берип чыгып кетүүгө урунду. Ал Литва президенти Валдас Адамкус, Польша президенти Александр Квасневский, Европа союзу тышкы саясатынын жогорку өкүлү Хавьер Солана жана Европа коопсуздук жана кызматташтык уюмунун баш катчысы Жан Кубистерди ортомчу кылып жиберди. Алар Украина өкмөтүнүн өкүлдөрү менен Россия Думасынын

төрагасы Борис Грызловдун катышуусунда үч жолу кеңейтилген жыйын өткөрүштү. Мындан көрүнүп тургандай, Европа курч кырдаалды кыска убакыт ичинде бүтүрүүгө, олуттуу түс алып кетүүгө жол койбоого катуу киришкен. Ушуга ылайык, кырдаалдын курчушу менен Киевге ортомчуларды жиберген. Мунун себеби Украинанын демографиялык тутумуна да барып такалат. Ал жерде Крым сыяктуу Россияга караштуу болгон, кийинчерээк Украинага берилген кең аймактар бар. Алар Россия тартып алышынан мурун Осмоний мамлекеттики болгон. Мындан тышкары, келип чыгышы орус болгон Украинанын чыгышында жашоочу украиндер да бар. Кала берсе, украин калкы эки чиркөөгө – чыгыш тарабы православдарга, батыш тарабы болсо католиктерге бөлүнөт. Бул маалыматтар – Европада жаңы Югославиянын пайда болушуна т.а. Украинанын да Югославия сыяктуу майдаланып кетишине ыңгайлуу учур туулганын көрсөтүүдө. Европа мындай абалдын болуп кетишинен катуу тынчсызданат.

Россиянын ролуна каралса, ал да бир нече көрүнүштөргө ээ. Алгач, Путин Виктор Янукович менен телефон аркылуу байланышып, аны шайлоодогу жеңиши менен, Кучмадан кийинки президенттик орду менен куттуктады. Шайлоолордогу жасалмалуулук себептүү, оппозициядагы элдин экинчи шайлоо турун катуу талап кылып чыгышы күчөгөндөн кийин, дароо чегинди. Оппозициянын күчүнө психологиялык жактан таасир этүү үчүн кескиндик учурунда Кучма менен келишкен абалда билдирүүлөр берип, экинчи турду кайта өткөрүү конституцияда көрсөтүлбөгөн деп, шайлоолорду башынан баштоого этибар карата баштады. Андан кийин болсо оппозициянын атактуу адамдарынын үстүнөн кылмыш ишин ачууга мажбур болду. Биринчи болуп Юлия Тимошенконун маселесинен баштады. Соң, окуялардын өнүгүшүнө таасир өткөрүү максатында өзүнө тарапкер болгон Украинанын чыгыш чөлкөмдөрүн козгоп, басым берүү жана коркутуу жолуна өттү. Россиянын калкты бөлүнүп чыксын деп козгобогону анык эле. Себеби, бул нерсе Американын арзып күткөн арамза ниеттеринин бири.

Тескерисинче, анын мындан көздөгөн максаты – оппозицияга каршы элдик кыймылды пайда кылып, эки кыймылдын ортосунда тең салмактуулукту жаратуу болчу жана келишүү аркылуу тынчытып, Америка пландарынын алдына бөгөт коюу эле. Ошондуктан, өкмөт тарабы (президенттик мөөнөтү аяктап жаткан Кучма менен парламент төрагасы) жыйналыш өткөрүп, жыйналыштын акырында, максаттары бир гана оппозициянын наразылык демонстрацияларын токтотуу үчүн саясий басым өткөрүү жана Виктор Януковичтин талапкерлигин колдоп-кубаттоо экенин айтышты. Массага бул иш өкмөткө тарапкер тараптардын чегинишиндей болуп көрүнсө да, түпкүлүгүндө, жарандык согуш аркылуу Украинанын бөлүнүп кетишине алып барышы мүмкүн болгон курч кырдаалды жумшартуу эле. Бул жарандык согуш Россиянын да, Европанын да үйүнүн ичинде тутангандыктан, аларды алек кылып коюшу мүмкүн эле о.э. бул нерсе Американын Борбордук Азия, Кавказ жана Европанын чыгышы туурасында түзгөн пландарын бүтүрүп алуусу үчүн баа жеткис учур болуп калышы мүмкүн эле. Ушуну менен бирге, бул жарандык согуш Европанын ташбишине айланып калат да, Американын бардык долбоорлорунда – мейли, чыгыш Европа туурасында болсун, мейли, бүткүл дүйнө туурасында болсун, же Ирак сыяктуу эл аралык саясатка тиешелүү болсун – Европаны Америка менен бирге кадам таштоого мажбур кылат. Америка бул иши менен – бириккен Европа аскердик башкы штабын жана Европа аскердик аралашуусунун күчүн пайда кылуу аркылуу Америка көзөмөлүнөн кутулмакчы болуп жаткан Европага – анын өз ички проблемаларын чечүүгө алсыздык кыларын жана бечара экендигин көрсөтүп, Америка менен атаандашуучу эл аралык ролго көз артып олтурба деши да мүмкүн.

Ошондуктан, Украина жаатында Россия менен Европа союзунун бири-бирин айыптоолору бул бар болгону жазгыруу эле жана ал Европаны Россияга каршы тарап кылып көрсөтүү үчүн гана болду. Негизи, экөө тең бир максатка көздөй умтулуп жаткан болушуна карабай, бул иш Россиянын

манёвр кылышына зор мүмкүнчүлүк жаратат. Кала берсе, Украина бөлүнүп, биринчи ок келип түшкөн күндө украин калкына жүз бериши мүмкүн болгон кооп-коркунучтар көрүнүп турат. Ошондуктан, парламенттин токтому жарыя кылынар замат, украиналык саясатчылар бириккен Украина өз проблемаларын чече алат деп белгилешти. Парламент төрагасы Владимир Литвин: «Парламенттин жаңы мыйзамчылыкты тастыктоодогу утугу жарашуу жолуна коюлган кадам болуп эсептелет жана ал Украинанын бириккен абалда калып, бөлүнүп кетпешин далилдейт», - деди.

Ушуга караганда, Америка Украинаны өзүнө оодарып, Россиядан бүтүндөй четтетүүгө умтулган жок деп айтууга болот. Ал, болгону, Украинада тынчсыздык-туруксуздук очогун пайда кылып, малайы Ющенко жетекчилигиндеги оппозиция аркылуу кырдаалды курчутмакчы. Бул болсо Украинаны бүтүндөй же кандайдыр бир деңгээлде бөлүнүүгө алып барат. Бул иш өз кезегинде Россия менен Европанын тынчын бузуп, аларды бут алдындагы кооп-коркунуч менен алек кылып коёт. Ушуну да айта кетүү керек, Европа менен Россия кырдаалды кандайдыр бир даражада жумшарта алды. Конституцияга өзгөртүүлөр киргизилди, республика президентинин ыйгарым укуктары кыскартылды. Т.а. Ющенко президент болуп калган күндө да, ал чектелген укуктарга гана ээ болот. Ал укуктар парламент укугу менен премьер-министрдин укугуна тең болуп калат. Мындай абалда премьер-министр Россия тарапкерлеринен болуп, Украинадагы иштерди тынчытуу да, курч кырдаалга жеткирбөө да мүмкүн болот.

Бирок, дагы айта кетчү нерсе, Украина биринчи күндөрдөн тартып кескиндик жолуна кадам койгон эле. Ушул себептен улам, Америка бул иштердин – жеңгени да, жеңилгени да болбогон – чечим менен тынчып кетишине канааттанбайт. Жок, ал ыңгайлуу учур туулар замат, өз пландарын жеңил ишке ашыруу максатында, Россия менен Европага басым өткөрмөкчү болуп, аларды үйүнүн ичиндеги кооп-коркунуч менен алек кылып коймокчу болсо, мындай курч кырдаалдарды кайтадан көөлөй берет.

Кыскасы, бул эки маселенин (Грузия менен Украинанын) вокыйсы бири-биринен өзгөчөлөнөт. Кала берсе, Америка тарабынан бул экөөсү үчүн иштелип чыккан пландардын максаттары да айырмалуу.

**3-зулкаъда 1425-х.**

**15-декабрь 2004-м.**

## Жигиттер үчүн маалыматтар

## Украина-Россия ортосундагы газ проблемасы

Бүгүн Россия коркутууга өттү. Россиянын «Газпром» компаниясы баалар 460%ке көтөрүлгөндүгү себептүү Украинага табийгый газ экспорт кылууну токтоторун билдирди. Москва жаңы 2006-жылы 1-январда эртең мененки саат 10дон баштап украиналыктарга газ жеткизип берүүнү токтоторун айтып, аларды акыркы жолу эскертти. Украиналыктар менен сүйлөшүүлөр алып барып жаткан «Газпром»дун башчысы Алексей Миллер Россиянын эскертүүсүн расмий деп сыпаттады о.э. Киевди «анык жана кескин чара» көрүү менен коркутту. 2005-жылдын акыркы күндөрү өтүп бара жаткан убакта да Украинага табигый газ импортунун бааларын белгилөөчү жаңы бир келишимге дагы деле кол коюлбаган эле. Миллер Россиядагы эң ири газ компанияларынын бири январдын алгачкы таңы атышы менен украиналык керектөөчүлөргө газ жеткизип берүүнү токтоторун айтты.

Кескин коркутуу үрөйү эки тарап ортосундагы сүйлөшүүлөрдүн башы туюк көчөгө кирип калгандыгын көрсөттү. Бул абал 2005-жылы 29-декабрда Путин жарыя кылган сунушту Киев четке каккан сааттардан кийин жүз берди. Анда Киев Россия газы импортторунун баасын төлөшү үчүн ага Москва 3,6 миллиард доллар өлчөмүндө карыз берип турууга даяр экендиги айтылган эле.

Украина президенти Виктор Ющенко өзүнүн мамлекети Путинге ыраазы экендигин, бирок, бул сунушка эч качан ыраазы болбошун билдирди. Украина премьер-министри Юрий Ехануров болсо, келишпөөчүлүк

«финансылык проблема үстүндө эмес, эки эгемендүү мамлекет ортосундагы мамиле негиздери үстүндө бара жатканын» айтты.

Путин өз сунушун билдирүү учурунда мындай деди: «Бизге окшоп экономиканы пландаштыруу баскычынан чыгып кетүүнү каалай турган достор жана коңшуларды колдоп-кубаттоо бир нерсе болсо, Индиянын Украинадагы бизнесин колдоп-кубаттоо башка нерсе». Муну менен түстүү козголоң ийгиликке жетишкенден кийин Украинадагы «Кривой рог болоту» аттуу ири металлургия комбинатын Индия миллиардерлеринин бири сатып алганына ишара кылды. Бул комбинатты мурунураак Украинанын мурунку президенттик шайлоолорунда Москвага жан тартуучу талапкер Виктор Януковичти колдоп-кубаттоочу Ринат Ахмедов сатып алган эле.

О.э. Украина Владимир Путиндин газды биринчи чейрек учурунда гана 2005-жылкы баада берип, кийин анын баасын көтөрүү жөнүндөгү сунушун да четке какты.

Москванын 2006-жылдын 1-январынан баштап Украинага сата турган газ баасын төрт эсеге көбөйтүүнү талап кылып жатканына каршы жооп катары он тогузунчу декабрда Украина Крымдагы Севастополь портунда Россиянын аскердик кемелери турушу үчүн төлөй турган ижара акчасын көбөйтүүнү айтып коркутканы проблеманы дагы да курчутуп жиберди. Анткени, 1997-жылы кол коюлган Кара деңиз флоту жөнүндөгү келишим 2017-жылга чейин өз күчүндө калышы керек эле. Ушул келишимдеги беренелерге ылайык, Москва өз аскердик кемелеринин Севастополдо турушу үчүн жүз миллион доллар айланасында ижара акы төлөп турмак. Россия коргоо министри Сергей Иванов 2005-жылы 27-декабрда орус флотунун Кара деңизде (Түштүк Украинада) жайгаштырылышы туурасындагы келишимдин беренелерине өзгөртүү киргизүү өтө коркунучтуу иш экендигин билдирди. Министр «Интерфакс» агенттигине Кара деңиздеги Россия флотунун жайгаштырылышы жөнүндөгү келишим Россия-Украина ортосундагы эң ири келишимдин бир бөлүгү болуп, анын экинчи бөлүгүндө чегаралар кол

тийгистигин таануу жөнүндө да айтылгандыгын айтып билдирүү берди. Ал бул келишимди кайра карап чыгуу өтө коркунучтуу иш экендигин айтты. Ал бир нече орус улутчулдары, ушулардын катарында Москва шаар акими (мэри) Юрий Лужков Советтер союзунун жетекчиси Никита Хрущев 1954-жылы Украинага берип жиберген Крымды кайтарып алууну талап кылып жаткандыктарын да кошумча кылды. (Белгилүү болгондой, Крым Ислам жери болуп, теги немис болгон Екатерина доорунда падышалык Россия аны Осмоний мамлекеттен тартып алган. Екатеринаны орустар тукум улоого жөндөмсүз падышадан шахзада төрөп бересиң деп алып келишкен жана ал жолун таап, орустарга келечектеги падышаларын төрөп берген…).

«Ал-Хаят» 2005-жылы 31-декабрда мындай кабар таркатты: «Парда артындагы саясий жараяндар. Проблема экономикага байланыштуулугу менен өзгөчөлөнүп турган болсо да, саясий аба-ырайлары аны дагы да курчутуп жиберди. Анткени, украиналык саясатчылар Россиянын катуу турушу менен март айында өткөзүлө турган парламенттик шайлоолорду бири-бирине байлашты. Көпчүлүк – бул проблеманы чыгаруудан максат, азыркы учурда өкүмдар болуп турган Батышпарастардын Украинадагы өкмөт тизгиндерин колго киргизүү мүмкүнчүлүктөрүн алсыратуу, Москва менен тили бирлердин болсо мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүү – деп эсептешүүдө».

Жылдын ушул айларында бул аймактарда боло турган катуу суукту эсепке ала турган болсок, бул сөз турмуш чындыгына абдан туура келет. Газга байланыштуу болгон ысыткыч жабдуулар иштөөдөн токтоп калса, адамдардын абалы эмне болот? Мунун үстүнө Путиндин Украинага карыз берүү сунушун киргизип жаткан убакта айткан мына бул сөзүн кошолу: «Бизге окшоп экономиканы пландаштыруу баскычынан чыгып кетүүнү каалап жаткан достор жана коңшуларды колдоп-кубаттоо бир нерсе болсо, Индиянын Украинадагы бизнесин колдоп-кубаттоо башка нерсе». Путин бул сөзү менен Украина өнөр жайы орус өнөр жайынын бир бөлүгү, алар бири-

биринен ажыралгыс, жумушчулар да өзүбүздүн адамдар, ал эми, эгер Украина өз өнөр жайы жана экономикасын өзүнчө эгемендүү кылмакчы болсо, анда биз анын өнөр жайын да, экономикасын да колдоп-кубаттайбыз демекчи болуп жатат. Украина премьер-министринин орун басары Анатолий Кинах «эгер газдын баасы 105 долларга көтөрүлө турган болсо, металлургия жана химия өнөр жайы токтоп калат, баанын 95 доллардан ашып кетишин Украина көтөрө албайт» деди.

Ошондуктан да, Москва Украинаны камал кылууда катуу турат. Россия газын Түркмөнстан газы менен алмаштыруу да мүмкүндүгүн эсепке алган Москва Түркменистанга расмий өкүлдөр жиберип, анын артыкча газдарын Украинага караганда кымбатыраак баада сатып алышы туурасында сүйлөшүүлөр алып барды. Мурунураак Украина Түркмөнстандын Украина аркылуу Европага өтө турган газына муктаж болуп калгыдай болсо, анын орус жерлери аркылуу өтө турган экспортторун кесип коюшун айтып коркуткан эле. Буга жооп катары Сапармурат Ниязов өзүнүн мамлекети 39 миллиард кубометр газды ар миң кубометрин 65 доллар баасында берүү жөнүндөгү келишим боюнча Украинаны газ менен камсыздоого милдеттүү экендигин билдирген эле. Булар ушундай бир сандар болуп, алардын үстүндө түрдүү чөйрөлөрдө тартышуулар барууда.

Демек, иш бир тараптан Украинада жакында боло турган парламенттик шайлоолорго байланыштуу болсо, экинчи тараптан Ющенко сыяктуу Америка адамдарынын Украина экономикасын Россия таасиринен ажыратып алууга урунууларына тиешелүү.

«Аш-Шаркул-Авсат»та 2005-жылы 28-декабрда басылган мына бул кабарды келтирип өтүүнү максатка ылайык деп таптык: «Москва, Сомий Аммора: Украина колдон чыкканы жана «түстүү чүмбөттөргө» кошулуп кеткенинен кийин Москва капыстан өзү «түстүү ынкылаптын амирасы» Юлия Тимошенкону кечирүүнү жарыя кылып калды. Бул кечирүүнү кээ бирөөлөр Москванын Тимошенко менен боло турган мамилелеринде жаңыча

бурулуу чекити деп эсептешүүдө. Бул аял өткөн жылдын декабрь айында Кремлдин талапкери Виктор Януковичтин ордуна Виктор Ющенконун Украина президенти болушунун артында турган эле. Москванын Тимошенкого коюлуп жаткан айыптарын алып таштaшы расмий Украина менен газ баалары туурасында кызуу келишпөөчүлүктөр жана коркутуулар менен бир убакытка туура келди. Москва, эгер Киев дүйнөлүк базар бааларына баш ийбей турган болсо, НАТО о.э. Европа союзуна мүчө болушу туурасындагы ишарасына каршы жооп катары газды токтотуп коюу менен коркутту. Мурун Юлия Тимошенкону Россия коргоо министрлигине караштуу бир нече өкүлдөрдүн паракордугуна аралашкандыкта айыптап, ага каршы доо козгоп, төрт жыл бою Интерполдон аны издеп табуу жана тапшырууну талап кылып келген Москва тезинен доосун бекер кылып, «газ амирасы» же «түстүү ынкылап» амирасы менен «бал айы» көрүнүштөрү деп сыпаттоо мүмкүн болгон бүтүндөй башка бир позицияны кармануда. Тимошенко бир нече сунуштарды илгери сүрдү. Бул сунуштарды Москвага достук кылууга урунуулар алкагындагы иш деп кабыл алууга болот. Негизи, дал ушул Тимошенко Украинадагы акыркы перезиденттик шайлоолордо Москва талапкерине каршы туруп, азыркы позициясына бүтүндөй тескери позиция туткан эле. Украина өкмөтүнүн мурунку премьер-министр айымы Киевдин газ баалары проблемасы жана Москва менен мимилелери маселесиндеги расмий саясаттарын айыптап, «саясий жетекчилик «Газпром» менен болуп жаткан проблеманы чече албай жатат» деди. Анын парламенттеги фракциясы президентке каршы тескери позицияны ээледи. Себеби, Ющенко тарыхтан Москвага жан тартып келген Крымдагы жергиликтүү бийликтердин укуктарын кеңейтүү жөнүндөгү мыйзамга каршы бекер кылуу укугун иштетти. Бул ишти Ющенко Киевдин Крым үстүнөн өкүмдарлыгы колдон чыгып кетпеши үчүн кылган эле. Болуп жаткан окуялар Украинадагы өкүмдар топтун назарынан четте калбады. Украина президентинин кеңешчиси Борис Беспалов Москва менен Тимошенко

ортосундагы «сүйүү» мамилелерине ишара кылып, «Тимошенконун газ маселесине карата кылып жаткан иштери Украина кызыкчылыктарына кызмат кылышы мүмкүн эмес» деди. Ал ачыктан-ачык: «Юлия Тимошенко президент Ющенконун тайпасынан чыгып кеткенинен бери Россияга карата өзгөчө позицияны ээлеп турат», - деди. Москва Януковичтин (президенттикке талапкер болгон) көпчүлүк добушун ала албашына көзү жеткенден кийинки анын чыгарган кечирими өз ээсин өлтүргөн аюунун ишине окшоп калат. Анткени, мындай токтом шектелгендин айыпсыздыгын далилдөөчү далилдерге таянбайт. Массалык маалымат булактарынын айтышынча, ал «убакыттын өтүшү, эскириши» эрежесине таянган. Ошондуктан да, айрымдар Тимошенко өз фракциясы менен келерки парламенттик шайлоолордо утуп чыккандан кийин Москвага жан тартуучу позициясын өзгөртүүгө уруна турган болсо, Москванын айыптоолорго дагы кайтышынын ыктымалы да бар деп чечмелешүүдө. Украинадагы өкүмдар топ мына ушундай чечмелөөлөр менен эле чектелбеди. Себеби, Тимошенко улут жана мекен кызыкчылыктарына кыянат кылды дегендер да болду. Ушуга карабастан, масса пикирин салыштыруучу статистикалык маалыматтарга караганда, Виктор Ющенко жетекчилигиндеги «Украина биздин үйүбүз» коалициясы 14,7% добуш алган болсо, Тимошенко жетекчилигиндеги коалиция 30%ке жакын добуш алган. Мурунку президенттик шайлоолордогу Януковичке окшоп, бул жолку парламенттик шайлоолордо Тимошенко Москва менен болгон «сүйүү» мамилелеринин курманы болушу да мүмкүн деген сөздөрдөн келип чыгып каралганда, бул сандар чечүүчү сөздү айта албашы ачык көрүнөт. Эгер Тимошенко Москвага жан тартуучу Түштүк-Чыгыш Украинанын добуштарына таянып жаткан болсо, бул нерсе тарыхта Москвага душмандыгы менен таанылган Ортоңку жана Батыш Украинанын добуштарын колдон чыгаруу экендигин түшүндүрөт. Мындан тышкары, Россия «Газпром»унун коркутуулары ушул региондордун кызыкчылыктарына эле зыян кылып калбай, Түштүк-Чыгыш Украинанын

оор өнөр жайы кызыкчылыктарына да терс таасир көрсөтөт. Эгер Москва Украинага басым өткөзүү үчүн газды курал кылып иштетип жаткан болсо, бул куралдын эки мизи тең курчутулганга окшоп турат (т.а. бул курал өзүнүн башына балээ болушу да мүмкүн). Себеби, Европа союзу жана НАТО Россия аймактары жана КМШ мамлекеттерине түздөн-түз жакын жерлерде өздөрүнүн кызыкчылыктарына кызмат кылуучу учурлардан пайдалануу үчүн убакыт аңдып турушат.

Мына ушул көз караштан келип чыгып, күзөтүүчүлөр КМШ – Федерация кеңешинин тышкы иштер комитетинин башчысы Михаил Маргелов айткандай – «ажыратуу процедуралары» акырына жеткенден кийин өз ишин бүткөндүгү туурасында кайра-кайра жаңырган билдирүүлөргө токтолушууда. Кээ бир күзөтүүчүлөр бул билдирүүлөрдү Украинанын Грузияга окшоп КМШдан чыгып кетишин жарыя кылышы туурасында кошумча шоокумдарды козгоону максат кылуу мазмунундагы Украина кабыл алышы мүмкүн болгон иш-чаралар жана токтомдорго Москва тарабынан этибарсыз карашка болгон бир урунуш катары кабыл алышууда. Мурунураак Украина КМШдан чыгып кетүү менен коркуткан эле. Булардын баары окуялар жаңыча өнүгүп келе жатканын ичтен көрсөтүп турган кабарлар болуп, жаңы жылдын биринчи күндөрү мунун белгилерин ачык көрсөтүшү мүмкүн. Булар Москванын эгер Украина базар баасы боюнча төлөбөсө, ага газ берүүнү токтотуп коюшу жөнүндөгү токтомун ишке ашырууга канчалык олуттуу ниет кылгандыгын жана Украинанын буга каршы билдире турган реакциясынын көлөмүн анык көрсөтүп турат.

**Экинчи: Европа союзунун саммити**

Европа союзунун эки күнгө созулган саммити 2005-жылы 17-декабрда аяктады. Саммит 2005-жылы 15-декабрда Брюсселде башталган эле. Анда союздун 2007-2013-жылдар арасындагы бюджетин тастыктап алууга дагы бир жолу аракет кылынды. Британиянын союзду ага мүчө 24 мамлекеттин көңүлүн ала биле турган даражада аткара алышы шек астында калды.

Саммит кыйла оор абалдарга туш келгенине карабастан, Европа жетекчилери союздун 2007-2013-жылдар арасындагы жалпы бюждети туурасында бир келишимге келе алышты. Бир канча замандардан бери мүчө мамлекеттер ортосундагы кескин келишпөөчүлүктөргө жана бөлүнүүлөргө себеп болуп жаткан, июнь айында Брюсселде болуп өткөн саммиттин ийгиликсиз чыгышына алып барган, ушул аптада Брюсселде болуп өткөн саммитте болсо 30 саатка жакын тартышууга негиз болгон фактор дал мына ушул маселе эле.

Саммит тыянактары 2005-жылы 17-декабрда эртең менен жарыя кылынды. Акыркы ирмемдерде союзга башчылык кылып жаткан Британия ортого бир сунуш таштады. Бул сунуштун көз караштарды бири-бирине жакындаштырууда таасири болду. Мурун Британия планына каршы чыккан тараптардын, айрыкча, Франция жана Польшанын позициясы бир аз жумшарды. Жума күнү кечинде жабык эшиктер артында бюджет туурасында бир келишимге келингендиги, Германиянын жаңы канцлери Ангела Меркелдин кеңеши көз караш жагынан бири-бирине жакындаштырууда маанилүү роль ойногондугу, келеркиде саммиттин ийгиликке жетишинде да ал али чоң рол ойношу жөнүндө кабарлар таркалды.

Жыйынтыктоочу талкуулар туурасында да кабарлар сызып чыкты. Бул талкуулар британиялыктарды мамлекеттери бюджеттен ала турган жана алар баш тарта турган каражаттын өлчөмүн дагы да көбөйтүүгө көндүрүүгө жана мунун тушунда Британиянын кээ бир талаптарын кабыл кылууда Франция, Голландия, Испания, Польша сыяктуу башка тараптарды өз позицияларын жумшартууга көндүрүүгө аракет кылынды. Мурунураак Британия бюджет бөлүштүрүүсү, регионалдык жардамдарга ажыратылган каражаттар жана ар бир мамлекеттин бюджетке кошо турган салымдары туурасында өз талаптарын илгери сүргөн эле. Узак күтүлгөндөн кийин Британия премьер-министри Тони Блэр чыгып мындай деди: «Бюджет туурасында мындай келишимге келишип алдык, ал Европа союзунун өнүгүү планын ишке ашырууга алга кадам таштышына мүмкүнчүлүк жаратат».

О.э. Франция президенти Жак Ширак бул ишти Европанын эгемендүүлүгү үчүн маанилүү келишим деп эсептеди. Анын бул сөзүн Германия канцлери Ангела Меркел колдоп-кубаттады. Европа союзу комиссиясынын башчысы Мануэл Баррозу болсо, бул келишим Европа союзунун багытындагы эң көзгө көрүнгөн жана маанилүү саясий белги деди.

Акыркы ирмемдерде Блэр ортого таштаган сунуш жалпы бюджет 862,5 миллиард еврону түзүшү жөнүндө эле. Бул көлөм союздун улуттук кирешесинин 1,04 пайызын түзөт. Лондон жети жыл бою союз бюджетинен пайдалана турган каражаттарды 10,5 миллиард еврого чейин түшүрүүгө ыраазы болду. Европа жетекчилери сарптын бардык тармактарын, айрыкча, дыйкандарды колдоп-кубаттоого ажыратылган үлкөн бюджетти кайра карап чыгууга келишип алышты. Бул бюджеттен эң көп пайдалана турган мамлекет Франция эсептелет. Еврокомиссия союздун аткаруучу аппаратына бул ишти 2008-2009-жылдар бюджети көз карашы менен үйрөнүп чыгышын сунуш кылды.

Тафсилаттарга киришүүдөн мурун айта кетчү нерсе, Германия жазуучусу Фифтин пикирине тескери түрдө, «Зюддойче цайтунг» гезити 2005-жылы 18-декабрда интернетке берген жана 2005-жылы 19-декабрда басып чыккан «Британиялыктарсыз Европа союзунун абалы анча жакшы болор эле» аттуу макалада акыркы саммит натыйжаларына шилтеме катары «Британия союзду британияча калыпка сала алды, союз болсо Британияны европача калыпка сала алганы жок» делген. Мартин Винтер да «Британия британияча Европаны каалайт, биз болсо европача Британияны каалайбыз» деп туура сүйлөгөн. Бул сөзүнө ал төрт жыл мурунку Блэрдин «Британия Европа ичинде төгөрөгү төп келген жетекчиликти көрсөтүшү керек» деген сөзү менен Британиянын өз чечимдерин союзга мажбурлап тыгыштырып жатканын далил кылган. Анын бул сөзү кысман (кандайдыр бир деңгээлде) туура болсо да, Блэр союздун финансылык саясатын, айрыкча, айыл чарбасын каражат менен камсыздоого жана дыйкандарды колдоп-кубаттоого

тиешелүү жактарын өзгөртүүгө жалгыз өзү аракет кылып жатканы жок. Бул нерсе бир тараптан Европа экономикасын кыйын абалга салып койсо, экинчи тараптан союзга жаңы кошулган мамлекеттердин колдоп-кубатталышына тоскоол болот. Анткени, алар да көбүрөөк айыл чарбачылыгына таянышат. Бул эле эмес. Блэр Африкага да этибарын каратып, Америка деген «дөө» аны басып алып жатканын көрөт да, Африканы колдоп-кубаттоо жана инвестиция киргизүү сунушун ортого таштайт. Мындан Американын жырткычтыгына шарт даярдап берип жаткан Дүйнөлүк банк менен Эл аралык валюта корунун жолун тосууну көздөйт. Союздун экономикалык саясатына кеңири камтуучу оңдоолор киргизүүнү сунуштоо о.э. Британиянын Маргарет Тетчер өкмөтү доорунда колго киргизген акчалардан баш тартышы мүмкүндүгүн ортого таштаган абалда бюджетке түптөн оңдоолор киргизүү пикиринин туулушу Европадагы дыйкандарды колдоп-кубаттоого тиешелүү жакка назар таштоонун ордун басты.

Вокыйлык ушуну көрсөтүп жатат. Бул иш көпчүлүк Европа саясатчыларынын тынчын бузууда. Алар анчадан бери бул колдоонун азайтылышын каалашар эле. Ал тургай, Германия Шрёдер канцлерлигинин мурунку доорунда өз казынасына каршы болуп жаткан басымды жеңилдетүү максатында малдардын кутурма оорусу пайда болгондугунан пайдаланып, немис дыйкандарын колдоп-кубаттоого тиешелүү ири реформалар жана өзгөртүүлөр өткөзгөн эле.

Мен Блэрдин айыл чарбачылыгына тиешелүү каражаттар туурасындагы пикири европалык башка саясатчылардын пикиринен узак деп ойлобоймун. Бирок, түрдүү мамлекеттердеги мыйзам чыгаруучулар үчүн бул ишти жолго коюу оңой кечпейт. Бардыгы бул ишке мындай драмалуу түс берилиши анын артка сүрүлүшүнө жана узак сүйлөшүүлөргө алып келет деп билди. Ал тургай, бир нече Европа мамлекеттеринде, эң оболу Франция жана Голландияда конституция долбоору четке кагылгандан кийин бардыгы Европа союзу таркалуу жана кризис жакасына келип калды деп ойлогон эле.

2005-жылы 15-17-декабрда болуп өткөн акыркы саммит ийгилиги союздун саясий уюштуруучулук жана экономикалык структурасына тиешелүү узак пландын биринчи кадамы болсо ажеп эмес, «Шпигел Онлайн» 2005-жылы 17-декабрда таркаткан кабарга караганда, Ширак Брюсселдеги саммит ийгиликтүү өткөнүнөн кийин союзду дагы да демократиялаштыруу жана активдештирүү максатында Европа союзунда түптөн реформалар өткөзүүнү талап кылган. Дагы ушул «Шпигел Онлайн»дын 2005-жылы 19-декабрда таркаткан кабарына караганда, союз мамлекеттеринин кээ бирлеринен ортоктош тышкы саясатка тиешелүү иштерде, ыктымал салык жана социалдык кепилдик тармактарында да калган мамлекеттерден алдыда жүрө турган ядро жаратуу темасында талкуу алып барылууда.

Демек, Британия тышкы иштер министри Жек Стронун саммитте: «Бу жерде экономикалык биримдик жөнүндө сүйлөшүүлөр алып барышыбыз табигый. Союз ичинде бирдемдик болушу маанилүү. Бирок, ошол эле учурда, ар бир мамлекет өз кызыкчылыктарын да этибарынан качырбашы керек» дегенине карабастан, иш анчалык жөнөкөй эмес. Себеби, Британиянын кызыкчылыктары өзүнө ажыратылган каражаттан түшө турган бир нече миллиард доллар кирешеге эле байланыштуу болуп калбастан, балким, иш Британиянын Европа жана дүйнөгө кандай карашына да байланыштуу. Блэрдин экономикалык саясат жана бюджет туурасындагы көз карашына башка ири жетекчилер да кошулушат. Бирок, аларга мына ушундай драмалуу сахна көрүнүшү керек болуп калды. Ошондуктан да, алар бул теманы талкууга коюуга ыраазы болушту. Болгону, калктарды, айрыкча, өзүнө жакпаган ар бир ишке каршы козголо берүүгө үйрөнүп калган француз калкын өздөрүнө каршы козгобоо шарты менен ыраазы болушту.

Башка тараптан болсо Европа союзу Германиянын жаңы канцлери, коалициялык өкмөттө Германия социалисттери менен кызматташтык кылып жаткан христиан демократиялык партиясынын жетекчиси Меркел демилгеси

менен топтолду. Меркелдин бул демилгеси Германия тышкы саясаты туурасында анын багытынын вокыйлыгын көрсөтүп турат. Меркел саммитте ийгиликке жетишти. Бирок, Германия өзүнүн «ийгиликтүү» ортомчулугу шарапаты менен Европа союзунун бюджетине эң ири финансылык салым кошо турган мамлекетке айланып калды. «Берлинер цайтунг» гезити адистеринин 2005-жылкы 23-декабрдагы эсеп-китептерине караганда, француздар жана британиялыктар алкыштаган Германия соодалашуусу анын үлүшүн 1,2 миллиард еврого көбөйтөт экен. Бул ортомчулуктун наркын төлөө германиялык салык төлөөчүлөр үстүнө түшүп, Германиянын финансылык мажбуриятын жылына 10,4 миллиард еврого жеткизип койду. Бир нече саясий күзөтүүчүлөр Меркелдин ички жумушсуздук жана инфляция фронтуна чабуул кылуунун ордуна «Франция менен Британия ортосунда ортомчулук кылып», Европа союзу фронтунда саясий кампания өткөзүп жатканына таң калып жатышканын көрүүгө болот. Анткени, жумушсуздук, коррупцияга каршы күрөш жана чыгыш вилаяттардагы адамдардын абалын жакшыртуу аны эки ай мурун бийликке алып келген шайлоо алды программасындагы негизги нукталардан эсептелер эле.

**1-зулхижжа 1426-х.**

**1-январь 2006-м.**

## Украинадагы АКШ менен Россиянын таасир талашы

**Суроо**: *Белгилүү болгондой, Янукович Россиянын Украинадагы адамы. Ал учурда Украина президенти. Ошондуктан, анын Россияга карай жүздөнүшү табигый. Бирок, анын Европа жана Америкага карата жумшак позицияда турганы байкалууда. Бул нерсе анын Россиядан алыстап, Батыш тарабына өтө баштаганын түшүндүрөбү же Янукович басымдар жана аралашуулар каршысында өз башкаруусун сактап калуу үчүн Россия менен келишип кылынып жаткан ишпи?*

**Жооп**: Жооп табуу үчүн Украинага карата эл аралык кырдал кандай экенин билүү зарыл… Украина байыртадан Россия менен Европа

ортосундагы күрөш борбору болуп келген. Азыркы кылымда болсо Америка да бул күрөш майданына кирди. Бул талашуу, айрыкча, Россия менен Европа ортосундагы талашуу Украина калкына жана алардын Батыш менен Россияга болгон көз караштарына терең таасирин тийгизди. Мисалы, мамлекеттин чыгышында жашаган адамдар Россияга жан тартышса, мамлекеттин батышында жашаган адамдар Европа жана Америка менен таасирленген. Арийне, мамлекет эки бөлүккө бөлүнүп калган. Мындан тышкары Украинадагы саясий элита жылдар бою Европа жана Россия күчтөрү ортосундагы алакаларды тең салмактуулукка келтирүүгө, Европа же Россияныкы болобу, үстөм күч тарапка өтүүгө аракет кылып келди.

Ошентип, Украина бул мамлекеттер үчүн маанилүү:

1) Россия жөнүндө айта турган болсок, Украина ал үчүн эң көп мааниге ээ мамлекет. Себеби, Россия Украинаны жогото турган болсо, Батыш Россия чегараларына түздөн-түз келип калат. Демек, Украина Россияны Европа тарабынан келе турган коркунучтан сактоочу бир калкан сыяктуу. Анын Россия үчүн экономикалык мааниси да бар. Себеби, Батышка жеткирип бериле турган орус газынын түтүктөрү Украина аркылуу өтөт. Белгилүү болгондой, Россия мурунку Советтер Союзу регионундагы, анын катарында Украинадагы өкүмдарлыгын кайра тикелөөгө жан үрөп аракет кылууда. Бирок, «заргалдак революциясы» жүз берип, Ющенко 2005-жылдагы шайлоолордо жеңип чыгып бийликке келген соң, Россиянын Украинадагы таасири алсырады. Себеби, Ющенко Америка малайы болчу. Америка анын президенттик доорунан Украина менен Батыш ортосундагы интеграцияны тездетүү үчүн пайдаланды. Ющенко кызматта турганда Севастополдон орус аскерий деңиз күчтөрүнүн ижара келишими 2017-жылы аяктаганда Кара Деңиздеги орус флотун кууп чыгаруу менен коркутуп келди. Ющенко Украина Европа Союзу жана НАТО сыяктуу Батыш мекемелерине толук кошулушун каалашын жашырбады. Ошондуктан, Киев Европа Союзу менен кызматташтык келишими туурасында сүйлөшүүлөргө киришти жана

НАТОго мүчө болууга аракет кылуу планын талап кылды… Ошентип, Россиянын таасири кыйын абалга түшүп калды. Бирок, Россия 2010-жылы февралда өзүнүн Украинадагы адамы Виктор Януковичти бийликке алып келе алды. Ал мамлекеттин төртүнчү президенти болуп, Россияны күчтүү колдоп-кубаттап келет. Ошондон тартып Америка таасири солгундап баштады жана Украина Россия менен алакаларды жакшыртуу жолуна өттү.

Президент Янукович 2010-жылы 21-апрелда мансабын ээлегенинен эки ай да өтпөстөн Харьковдо орус президенти Медведев менен жолугушту. Ал бул жолугушууда Кара Деңиздеги орус флотунун ижара келишими көөнөтүн дагы 25 жылга узартууга ыраазылык берди, ошондо бул мөөнөт 2042-жылда аягына чыгат. Мунун акысына орустардын «Газпром» компаниясы табигый газдын баасын 2009-жылы кол коюлган газ жеткирип берүү келишиминин калган мөөнөтү үчүн ар 1000 $м^3$ үчүн 100 долларга азайтууга ыраазылык берди. Украинанын мурунку премьер-министри Юлия Тимошенко бул келишимдерге каршы чыгып, алар конституцияга тескери экендигин айтты. Юлия Тимошенконун катуу каршылыгы анын камакка алынышына себеп болду.

Украина Янукович доорунда НАТО менен кызматташтык алакаларын сактап калууну билдирген болсо да, бирок, Янукович өкмөтү НАТОго мүчө болууну же мүчө болууга жетишүү үчүн аракет планын талап кылбады. Мындай саясаттардан улам Киев менен Москва ортосундагы эки тараптуу иштер жадыбалы Россиянын пайдасына өттү.

Ички фронтто болсо Янукович авторитардык саясатты дагы да күчөттү. Мисалы, 2010-жылы 30-сентябрда Украинадагы конституциялык сот Украина парламенти тарабынан 2004-жылы декабрда тастыкталган конституцияга киргизилген өзгөртүүлөрдү бекер кылды. Мындан мурун ушул токтомго каршы чыккан судьялар кызматтарынан бошотулуп, алардын ордуна бул токтомду колдогон 4 жаңы судья дайындалган. Бул болсо Януковичке заргалдак революциясынан мурунку күндөргө кайтуу

мүмкүнчүлүгүн берет о.э. президенттин таасирин күчөтүп, парламент бийлигин күчсүздөнтөт.

2) Европа жөнүндө айта турган болсок, Европа Россиянын Батышка Украина аркылуу газ жеткирип берүү картасынан пайдаланып жатканын жакшы түшүнөт. Россия бул картадан Украина орус таасири астында калышы үчүн же эч болбогондо Россия зыянына Батышка малай болуп кетпеши үчүн басым өткөрүү жана кызыктыруу максатында пайдаланууда. Европа муну жакшы түшүнөт. Ошондуктан, Европа Украинаны акча менен жана орус газына толук таянуунун ордуна альтернатива чечимдери менен кызыктырууга урунууда. Мисалы, Европа Союзу Украинага газ инфраструктураларын жана технология деңгээлин көтөрүү үчүн акча о.э. сланец газынан кызматташтыкта пайдаланууну сунуш кылды жана газды негизги энергия булагына айлантуу жөнүндө сүйлөшүүлөр болду. Мына ушул негизде Украина жана Европа Союзу 2010-жылы сентябрда энергетика боюнча келишимдерге кошулуу жөнүндөгү протоколго кол койду жана бул протокол 2011-жылы февралда күчүнө кирди. Мына ушул жылдан мурун Украина өзүндөгү сланец газы запастарынан пайдалануу үчүн Шелл компаниясы менен 10 миллиард долларлык келишим да түзгөн. Муну менен ушул келишим Европадагы эң чоң компаниялардын бири болуп калат. Ал Европада келерки 50 жыл бою сланец табигый газын казып алуу үчүн эң чоң келишимдердин бири болушу да айтылууда.

Украина учурда Европа Союзу менен толук интеграцияга киришүү жөнүндө сүйлөшүү алып барууда. Бирок, «Региондор партиясы» (Януковичтин партиясы) бул аракеттерге тоскоолдук кылууда. Ошондуктан, Европа Союзунун Украинадагы миссиясынын башчысы Жон Тамбунский Региондор партиясынын мүчөлөрүн парламент комиссиясынын Европа менен интеграцияга аракет кылышына жолто болууну токтотууга чакырды. Мындай өзгөрүүлөр Россияны тынчсыздантууда. Европа Союзунун интеграцияга тиешелүү сүйлөшүүлөрүнүн биринчи бөлүгү катары

экономикалык кызыктырууларга каршы Россия Украинага «Бажылык союзуна» мүчө болууну сунуш кылды. Орус басымдары натыйжасында Януковичтин Россияга малайлыгы себептүү Украина парламенти 2012-жылы 30-июлда Эркин соода зонасы келишимин (орустардын долбоору) тастыктады. Украина Россия жана Белоруссиядан кийин 2011-жылы 18-октябрда негиз салынган ушул келишимди тастыктаган мамлекеттердин үчүнчүсү болду. Бул келишимге КМШ мамлекеттеринен 8 мамлекет Россия башчылыгында кол койду. Бул 8 мамлекет: Россия, Украина, Белоруссия, Армения, Казакстан, Кыргызстан, Молдова, Тажикстан. Аны Россия, Белоруссия, кийин Украина, алардан кийин калган мамлекеттер тастыктады.

Муну менен бирге Янукович орус басымына учурап жаткандай Европа Союзунун басымдарына да кабылууда. Европа Союзу Украинанын Россия менен Бажылык союзуна кошулушуна жана Россия менен дагы да көбүрөөк интеграцияга киришишине каршылык кылууда. Ошондуктан, Европа Союзу Украина менен 2013-жылы 25-мартта Брюсселде өткөрүлгөн саммитте Украина бир эле учурда Европа Союзуна да, Бажылык союзуна да мүчө болушу мүмкүн эместигин маалымдады. Европа Союзу Украинага Дүйнөлүк соода уюмуна кошулуу жолун жеңилдештирген болчу. Европа Союзунун соода комиссары Питер Мандельсон 2013-жылы 14-январда мындай деди: «Европа Союзу Украинанын Дүйнөлүк соода уюмуна мүчө болушун күчтүү колдоп-кубаттоого даяр. Бул – Украина дүйнөлүк жана Европа экономикасы менен дагы да көбүрөөк интеграцияга киришине карай биринчи кадам болот».

Ошентип, ачык-айкын көрөнүп тургандай, Янукович Россияга малайлык кылып жатканда Европа Союзу менен жакындашууга да урунууда т.а. ал Украинадагы орус жана Европа кызыкчылыктары ортосунда тең салмакты пайда кылууга аракет кылууда.

3) Америка жөнүндө айта турган болсок, 1991-жылы Советтер Союзунун кулашы эски Европа күчтөрү үчүн о.э. дүйнөдөгү эң чоң күч

саналган Америка үчүн Украинада саясий тармакта дагы да чоңураак таасирге ээ болуу жаңы мүмкүнчүлүктү жаратты. Бирок, Европа Германияны кайра бириктирүү, Европа валютасын чыгаруу жана Европа мамлекеттери ортосундагы келишпөөчүлүктөр менен алек болушу Америкага өзүнүн пайдасы үчүн абалдан толук пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берди. Россия Американы токтотууга таптакыр кудуреттүү болбой калды. Себеби, Россия Советтер Союзу ыдырашы жана капитализмге өтүшү менен бүтүндөй кулаган эле. Ошондуктан, Америка Россиянын күчсүздүгүнөн пайдаланып калды. Мурунку президент улуу Жорж Буш 1992-жылы 24-октябрда Россияга тиешелүү эркиндик, жаш Евразия мамлекеттери демократиялары жана ачык-айкын базарларды колдоп-кубаттоо мыйзамына кол койду. Ал эркиндикти колдоп-кубаттоо мыйзамы деп да аталат. Америка мындан Советтер Союзу кулагандан кийин Евразия мамлекеттерине жардамдарды берүүдө Америка программасына гана көз каранды кылып коюуну көздөгөн. Америка Европага жана Евразия мамлекеттерине Америка жардамдарын жеткирип берүү боюнча мамлекеттик департаменттеги координациялык бюрого эркиндикти колдоп-кубаттоо мыйзамы уруксат бере турган тышкы жардамдар программасын координациялоо жана башкаруу вазыйпасын тапшырды.

Эркиндикти колдоп-кубаттоо мыйзамы алкагында бийликте байма-бай алмашып турган Америка өкмөттөрү Украинада өз таасирин күчөтүүгө аракет кылды. Мисалы, Украина 1991-жылы Советтер Союзунан эгемендүү болгондон кийин Америка Украинанын биринчи президенти Леонид Кравчукту Украина жерлериндеги ядролук куралдарды жок кылуу үчүн 1994-жылдагы үчтүк жараянын түзүүдө ишке сала алды. Америка 1994-жылы экинчи президент Леонид Кучманы да ишке салып Украина менен стратегиялык кызматташтыкты орнотууга жетишти. Кучма Европа Союзу менен да өз ара кызматташтык келишимин түздү жана НАТО менен да өзүнчө кызматташтык кылууга ыраазылык берди. Ал тургай, Америка 1997-жылы май айында Россия менен Украина ортосундагы Кара Деңиздеги орус

флотунун Крым Жарым аралында туруу укугу жаатындагы эки тараптуу келишимдерге да өз таасирин өткөрө алды. Виктор Ющенко 2005-жылы заргалдак революциясынан кийинки шайлоолордо бийликке келгенден кийин Америка Украинада чоң ийгиликке жетишти. Себеби, Ющенко Америка малайы болчу. Америка анын президенттик доорунан Украина менен Батыш ортосундагы интеграцияны тездетүү үчүн пайдаланды. Ющенко мансапта турган доордо орус аскерий деңиз күчтөрүнүн ижара келишими 2017-жылы аяктаганда Кара Деңиздеги орус флотун Севастополдон кууп чыгаруу менен коркутуп келди. Ющенко Украинанын Европа Союзу жана НАТО сыяктуу Батыш мекемелерине толук кошулушун каалашын жашырбады. Ошондуктан, Киев Европа Союзу менен кызматташтык келишими туурасында сүйлөшүүлөргө киришти жана НАТОго мүчө болууга аракет кылуу планын талап кылды. Бирок, бул аракеттер бийликке Россиянын адамы Янукович келгенде жокко чыкты.

Ошого карабастан, Америка Украинанын орус бажылык союзуна кошулушуна жол бербөө үчүн басым өткөрүүнү жана Украинаны Европа Союзуна колушууга чакырууну улантты. Себеби, бул нерсе Украинаны Батыш алкагына алып кирет жана келечекте Украинаны НАТОго киргизүү үчүн чөйрө даярдайт. Арийне, Американын Украина үстүнөн өкүмдар болуп алышына жол даярдайт жана Украинадагы орус таасирин чектеп коёт. Чектеп эле калбастан, жада калса, Россияга каршы Чыгыш Европа тарабынан тузакты пайда кылат.

Америка Украинада аскерий тармакта аскерий машыгууларда шерик кылуу менен утушка жетишүүгө да бүткүл этибарын каратууда. Америка мындан Украинаны НАТОго алып кирүүнү көздөөдө. Ушул максатта Америка 2010-жылы 14-июлдан 26-июлга чейин Кара Деңизде НАТО машыгууларын өткөрдү. Америка бул манёврларга Украинаны да шерик кылды. Бул Янукович шайлангандан болгону бир нече ай кийин гана жана Россия менен жакшы алакалары чокусуна чыкканда жүз берди. Россия буга

каршы өзүнүн тышкы иштер минстрлиги аркылуу наразылыгын мындай деп билдирди: «Бул манёврлардын сыпаты жана аларды Россияга каршы кылып көрсөтүүгө урунуу о.э. ушул машыгууларда региондон болбогон мамлекеттердин катышкандыгы айрым бир тынчсыздануулардын жана бир катар суроолорду жаратат. Украинанын НАТОго кошулууну тездетүүнү максат кылган саясаты да жакшы кошуначылык алакаларын бекемдөөгө салым кошпойт». (Иран маалымат агенттиги, 2010-жыл, 19-июль). 2011-жылы 13-июнда да Кара Деңизде Америка менен Украина аскерий-деңиз күчтөрүнүн машыгуулары болуп өттү. Мында да Россия өзүнүн тышкы иштер министрлиги аркылуу билдирүү чыгарып, өз наараылыгын билдирди жана бул кадамды өзүнүн улуттук коопсуздугуна түздөн-түз коркунуч деп эсептеди. (Ал-Арабийя, 2011-жыл, 12-июнь).

4) Булардын баарынан Янукович Россиядан алакасын үзгөн жок жана ага малайлык кылуунун токтото элек деп түшүнүүгө болот. Бирок, ал ички жана тышкы басымдар себептүү о.э. 2015-жылдагы шайлоолордо жеңип чыгууну каалап жаткандыктан Россиянын бардык талаптарын кандыра албай жатат. Россия муну түшүнүп турат. Мындан улам, Россия үчүн бийликке Россиядан алыстошып, Батышка жакындашууга аракет кыла турган Батыш малайларынын келишине караганда Януковичтин бийликте калышы жакшыраак. Анткени, бийликке Батыш малайлары келсе, орус кызыкчылыктары коркунуч астында калат. Бирок, Янукович Батыш менен болгон алакаларда Россияга карата малайлыгын бүтүндөй токтото турган даражада барбайт. Айрыкча, Януковичти колдоочу калк базасы Россияга жан тарткан колдоочулардан турганы үчүн Янукович мындай кыла албайт. Янукович муну этибарга алууга мажбур. Бирок, ал Батышты ыраазы кылууга, ага жол ачууга, анын кызыкчылыктарын жүзөгө чыгарып берүүгө аракет кыла берет. Россия муну түшүнөт. Ошондуктан, Россия Януковичти катуу кысымга албай жатат, ошол эле учурда, өзүнөн алыстай турган даражада кысымды бош коюп жиберген да жок.

**13-ражаб, 1434-х.**

**23-май, 2013-м.**

## Украинадагы кезектеги көтөрүлүштүн акыйкаты

**Суроо:** *Маалымат каражаттары 2014-жыл, 20-февралда Украина өкмөтүнө каршы оппозициядагы митингчилер менен Киевдеги эгемендүүлүк майданынан чыгып кеткен коопсуздук күчтөрү ортосундагы жаңы кагышууларда эң кеминде 17 киши өлгөнү жана башка адамдар жараат алгандыгы тууралуу кабар таркатты. Ошол эле убакта митингчилер бошотуп коюлган парламентти көздөй о.э. премьер министрдин имаратын көздөй аракеттеништи... Украина өкмөтү 2014-жыл, 19-февраль шаршемби күнү оппозициядагылар бутага алунуучу «терроризмге каршы күрөш» операциясы башталганын жарыя кылды, өкмөт аларга «экстремисттер» деген тамганы жабыштырды. Мунун натыйжасында 26 киши өлдү. Ал тургай эгемендүүлүк майданы согуш талаасына окшоп калды! Бирок, 21-февралда Украина президенти жана оппозиция өз ара келишүү чечимине келишип алгандыгы жарыя кылынды... Ошондон кийин, 22-февраль күнү украин парламенти президентти кызматынан четтетүүнү жана 2014-жылдын 25-майында мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоо өткөрүлүшүн жактап добуш бергени жарыя кылынды... Эми мындай суроо пайда болот: Бул окуялар оппозиция жана өкмөт ортосундагы жергиликтүү окуяларбы? Же мамлекеттер аралашып жаткан окуяларбы, Америка, Европа Союзу жана Россиянын бул окуяларда, аларды козгоодо колу барбы? Бул окуялар биринчи ынкылап маалында болгону сыяктуу орустун таасирин Украинадан бүтүндөй сууруп таштап Батыштын таасирин орнотуу үчүн болуп жаткан дагы бир «оранжевый» революциябы? Россиянын 2010-жылы болгондой буга каршы мамиле билдириши күтүлөбү? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.*

**Жооп:** Буга жооп төмөнкү иштерден анык болот:

1 – Украина өзүнүн үстүндө Россия менен Европа ортосундагы өз ара күрөштөн турган узун тарыхка ээ. Украина тарыхта Россия, Усманий Халифалык (айрыкча Крым туурасында) жана Польша сыяктуу башка мамлекеттер ортосунда бөлүштүрүлгөн эле... Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин Батыш жана анын малайлары Усманий мамлекетке каршы тил бириктиришти, натыйжада бул мамлекет жок кылынды жана Советтер Союзу пайда болду... Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин болсо Америка согушта жеңип чыккан союздаш мамлекеттерге башчы болду. Ошентип, Украина үстүндө күрөшө турган мамлекеттер: Батыш жана Советтер Союзу болуп калды. Мындан мурда Советтер Союзу Польша о.э. Украинаны өз республикалары катарына кошуп алган эле. Украина Советтер Союзунун мурдагы 15 республикасы арасында эң маанилүүсү болуп калды... Советтер Союзу кулагандан кийин болсо Украина үстүндө күрөшө турган мамлекеттер: Россия, Америка жана Европа Союзу болуп калды. Ошондуктан, бул мамлекеттердин ар бири Украинага катуу көңүл бурат:

**Россияга келсек:** Украина Россия үчүн эң маанилүү мамлекеттердин бири болуп эсептелет. Ошондуктан, Россия Украинаны жогото турган болсо Батыш түздөн-түз Россия чегараларында болуп калат. Демек, Украина Россия үчүн аны Европа тараптан коргой турган бир калкан болуп эсептелет. Мындан тышкары, Украина экономикалык мааниге ээ. Себеби, ал аркылуу орустун Батышка карата тартылган газ түтүктөрү өтөт. Ошентип, Украина Россия үчүн өтө чоң мааниге ээ. Себеби, андагы өнөржай, айыл чарба жана энергетика секторлору Россия менен бүтүндөй, бекем байланган. Анын үстүнө Украина Россия менен Европаны бири-биринен ажыратып туруучу аймак болуп эсептелет. Ошондуктан, эгерде Россия Украинаны жогото турган болсо Европа Россиянын астанасына келип калат. Себеби, Украина Москвадан болгону 300 км. аралыкта жайгашкан. Россиянын Украинага аралашып жаткандыгынын себеби мына ушундай. Бул жерде Россияны Украинага өтө маани берип кароого мажбур кылып жаткан башка бир фактор

да бар. Ал да болсо Чыгыш Украина калкынын көпчүлүгү православ динин карманышы жана орус тилинде сүйлөшүүсү. Бул бир тараптан, башка тараптан болсо Россиянын Украинада Кара деңиз аскерий флоту базасы бар.

**Европа жөнүндө айта турган болсок:** Украина Россия менен Чыгыш Европаны ажыратып туруучу дубал болуп эсептелет жана анын жерлери аркылуу Европага орус газынын 80 %ы өтөт, мынчалык көлөмдөгү газ Европа керектөөсүнүн төрттөн бирин түзөт. Ошондуктан, демек Украина Европа үчүн өтө чоң мааниге ээ. Польша 2004-жылы Европа Союзуна мүчө болгондон кийин Румыния жана Болгария да бул союзга 2007-жылы кошулду. Натыйжада Украина Европа Союзу мамлекеттерине кошуна болуп калды жана Европа Союзу үчүн өтө чоң мааниге ээ болуп калды. Себеби, Украина бир тараптан Европа менен Россия ортосундагы көпүрө болуп эсептелсе, башка тараптан ал экөөнүн ортосун ажыратып туруучу аймак болуп эсептелет.

**Америка болсо:** Украина орус таасири аймагын кыскартууга аракет кылып жаткан Америка үчүн турмуштук мааниге ээ. Украина порттору да Атлантикалык Союз (НАТО) жана анын Кара-Деңизге кире турган аскерий кемелери үчүн мааниге ээ. Кала берсе, Американын Украинадагы таасири Россия «жараатын» тынымсыз «канатып» туруу маанисин түшүндүрөт жана бул таасир Американын бул аймактагы, айрыкча Ортоңку Чыгыштагы долбоорлоруна тоскоолдукту жок кылуу үчүн ишке салып, Россияга басым өткөрүүчү бир курал болуп эсептелет.

2 – Америка Украинанын Атлантикалык Союзга мүчө болушуна кызыкдар болсо, Европа Украинанын Евросоюзга мүчө болушуна кызыкдар. Ошондуктан, 2004-жылдагы революциянын артында жана 2005-жылдагы шайлоолордун артында Батыш турду... Себеби, Россия Советтер Союзу кулашынын натыйжасындагы башаламандыктан кутула элек болчу... Булардын бардыгынын натыйжасында Батыш «оранжевый» революция аркылуу өз максаттарына жетишти. Себеби, 2005-жылдагы шайлоолордо

Россиянын талапкери Януковичти кулатты. Мына ошондон кийин Батыштын, айрыкча Американын талапкери Юшенко шайлоодо жеңип чыгып республиканын президенти болду. Натыйжада иш Батыштын таасири пайдасына чечилип, орустун таасири жоголду.

3 – Ошондон кийин окуялар тездей баштады. Бул окуялар артында Украинаны НАТОго жана Европа Союзуна кошуп алуу пландары жатат эле. Америка учурдан пайдаланып калды. Себеби, Россия 2005-жылдагы шайлоодо Украинадагы өзүнө малай болгон бийликти жоготкон эле. Европа болсо мейли Украинанын Евросоюзга кошулушуна кызыкдар болсо да, бирок Европа Союзу өзүнө кошулган Чыгыш Европа мамлекеттеринин проблемаларынан кыйналып жаткан эле... Ошентип, демек Америка үчүн 2005-жылдагы шайлоонун натыйжасынан пайдаланып қалуу үчүн жана өзүнүн малайы Виктор Юшенкону жеңишке жеткирүү үчүн ыңгайлуу шарт пайда болгон эле. Ошондуктан, Америка Юшенконун президенттик доорунан Украина менен Батыш ортосундагы интеграцияны тездетүү үчүн пайдаланды. Юшенко Севастополдон орустун Кара деңиз аскерий флотун орус аскерий базасынын ижара мөөнөтү 2017-жылы аяктаган убакта чыгарып жиберүү менен коркутат эле. Юшенко Украинанын Батыштын Европа Союзу жана Түндүк Атлантикалык Союз уюму сыяктуу мекемелерине толук кошулушун каалай тургандыгын жашырып отурбайт эле. Ошондуктан, Киев Европа Союзу менен шериктик келишими туурасында сүйлөшүүлөрдү баштаган жана НАТОго мүчө болуунун амалий планын талап кылган эле... Ошондуктан да, биз Американын Юшенкону бийликке алып келген «оранжевый» революцияда кандай күч жумшаганын жана Украинанын мына ошол убакта АКШнын негизги стратегиялык шериги болуп калганын көрдүк. Америка Украинага экономикалык жардамдарды көрсөттү. Жардамдар ушунчалык даражада көп болду дейсиң, ал тургай Украина Америка жардамдары тизмесинде «Израиль» жана Мисрден кийин үчүнчү орунда тура

турган болду. Американын мындан максаты Украинанын экономикалык жактан Россияга таянышын бүтүндөй үзүп коюу болчу...

4 – Мындай абал Россияга катуу таасирин тийгизди. Т.а. бул абал Россиянын талуу жерине тийди жана анын кызыкчылыктарына берилген бир сокку болду. Натыйжада 2004-жылы Украинада «оранжевый» революция жүз бергенден кийин Россия менен алакалар курчуп кетти. Буга Украинанын Европа Союзуна мүчө болууга жана НАТОго мүчө болууга аракет кылышы себеп болду. Россия менен алакалардын курчуп кетишине Украинанын Севастополдогу орус Кара деңиз флоту базасына карата ээлеген позициясы жана жаратылыш газы туурасындагы келишпестиктер да себеп болду. Бирок, Россия 2005-жылдагы шайлоонун натыйжасында жүзөгө келген бул абалга каршы турууга кудуреттүү эмес болчу. Россия төмөнкү эки себептен улам буга кудуреттүү эмес болчу: Биринчи себеп: Россия Советтер Союзу кулагандыгынын таасирлеринен бүтүндөй оноло элек болчу. Экинчи себеп: Америка жана Европа ал кезде оор саясий жана экономикалык проблемалардан кыйналбай жаткан эле. Мындан тышкары, бул жерде эки тарап: Америка жана Европа ортосунда кызыкчылыктар жаатында чоң келишпестик жок эле. Себеби, Америка Украинанын НАТОго мүчө болушун каалаган болсо, Европа Украинанын Европа Союзуна мүчө болушун каалап жаткан эле. Ошондуктан, ал кезде эки тарап кызыкчылыктары ортосунда анчалык чоң айырма жок эле... Мына ушул эки фактор Европа менен Американы Украинаны Россиядан алыстатуу үчүн биргеликте аракет кылууга алып келди. Себеби, ал убакта азыр эле айтып өткөнүбүздөй, Россия өзү кыйналып жаткан эле жана андай шарттарга каршы турууга кудуреттүү эмес болчу.

5 – Бирок, 2007-жылдын аяк чендеринен баштап, айрыкча, 2008 жылы абал өзгөрдү. Себеби, бул убакытка келип Америка жана Европа экономикалык кризиске дуушар болду. Россия болсо саясий жана экономикалык жактан кандайдыр бир даражада туруктуу боло баштады.

Ошондуктан, бул абал Россия үчүн Украинадагы «оранжевый» революциядан кийинки жаңы башкарууга басым өткөрүүгө ыңгайлуу боло турган бир учур пайда болду. Айрыкча, газ аркылуу экономикалык жактан басым өткөрүү үчүн ыңгайлуу учур болду. Себеби, Россия Америка жана Европанын өз кризистери менен алек болуп калганынан кадыржам эле. Ошондуктан да Россия Юшенко бийлигине каршы кырдаалды курчутуу жаатында чоң күч жумшады. Россия айрыкча Украинанын чыгыш аймактарында жана өзүнө малай болгон башка кээ бир аймактарында кырдаалды курчутууга чоң күч жумшады... Мында газдын баасын көтөрүп коюу же газ жеткирүүнү токтотуп коюу Украинадагы Батышка малай болгон өкмөткө таасир өткөрүүчү бир куралга айланды. Буга кошумча түрдө, Россия өзүнүн чыгыш Украинадагы малайларын да аракетке келтирди. Натыйжада 2010-жылдагы шайлоолор убагы келгенде Украинадагы адамдардын көпчүлүгү Батышка малай болгон өкмөттүн жаман иштерин сезе турган болуп калды. Ошондуктан, бул шайлоонун натыйжасы Россиянын пайдасына болду. Себеби, Янукович дагы кайрадан бийликке кайтып келди. Мына ошондон кийин Россия эркин дем ала баштады. Себеби, Янукович Москва менен энергетика тармагында бир нече келишимдерге кол койду, эки мамлекет ортосундагы экономикалык кызматташтыкты бекемдеди, Россия менен маалымат, басылма, таалим, тил жана маданият тармактарында алакаларды өнүктүрүү жолун карманды. Янукович жаратылыш газынын баасын арзандатуунун акысына Кара деңиз орус флотуна тиешелүү жаңы келишим болушу мүмкүн экендигине да ишара кылды жана бул кийинчерээк ишке ашты.

Ошентип, демек мына ушул шайлоонун натыйжалары – ал тургай айырма анчалык чоң болбосо да – Россиянын пайдасына болду. Себеби, бул шайлоонун натыйжалары адамдардын Юшенкодон жадап калганын көрсөттү. Себеби, биринчи турдун натыйжасы Юшенконун 5,33 % добуш алганын, Юлия Тимошенконун болсо 25 % тегерегинде добуш алганын көрсөттү.

Виктор Янукович болсо шайлоочулардын 35,5 % добушуна ээ болду. Ошондон кийин экиден көп талапкерлер ортосунда шайлоонун үчүнчү туру өткөрүлдү. Натыйжада, Янукович Батыштын 46 % добуш алган талапкери Юлия Тимошенкодон 3 % айырма менен 49 % добуш алып жеңишке жетти. Ошентип, Россия 2010-жылдын февраль айында өзүнүн Украинадагы адамы Виктор Януковичти бийликке алып келүүгө жетишти жана ал мамлекеттин төртүнчү президенти болду. Янукович Россияны катуу колдоп-кубаттады. Мына ошол убактан баштап Америка таасири артка кете баштады жана Украина Россия менен алакаларды нормалдаштыруу жолун кармануугa өттү.

Шайлоонун натыйжасындагы айырма аз гана экендигине карабастан Россия мунун артынан таасирдүү натыйжаларга жетишти. Себеби, президент Янукович бийликке келгенден эки ай өтпөстөн 2010-жылы 21-апрелде Харьковдо орус президенти Медведев менен жолугушту жана ошол жолугушууда орустардын Кара деңиз флотунун ижара мөөнөтү келишимин 2017-жылга чейинки мөөнөттүн ордуна 2042-жылга чейин узартууга уруксат берди. Мунун акысына орус Газпром компаниясы жаратылыш газынын баасын 2009-жылы кол коюлган газ келишминин калган убагында ар бир 1000 кубометр үчүн 100 долларга түшүрүүгө ыраазы болду.

6 – Янукович Россияны көздөй тездик менен багыт алышын улантты. Көрүнүп тургандай, Янукович добуштарды алуудагы 3 %дан турган бул арзыбаган айырманы түшүнүп жетпеген т.а. бул айырма Батыштын Украинадагы малайлары да Россия малайлары салмакка ээ болгондой эле салмакка ээ экендигин түшүндүрүшүн Янукович түшүнүп жетпеген... Кала берсе, Янукович Америка менен Россиянын дүйнөдөгү башка проблемалар туурасында өз ара тил табышып жатканын көрүп эгерде өзү Европага кеп-сөз жүрүп калган соода келишими туурасында жүз үйрүп койсо бул тил табышуу Американын Европаны колдоп-кубатташына тоскоолдук кылат деп ойлогон. Анын бул күмөнү ката болду жана аны кулатты. Себеби, Америка мейли Россия менен тил табышып жаткан болсо да, бирок, Американы бүгүнкү

күндө Украинада өз кадамын коё турган орун болушу эле эмес, НАТОнун аскерий базасы болушу да кызыктырат! Т.а. Америка ал тургай Украинанын Европа Союзуна кошулбастыгы үчүн Европага каршы турган күндө да анын бул каршылыгы Россиянын Украинадагы таасири уланышы үчүн болбойт. Тескерисинче, анын каршылыгы Украина Американыкы болушу үчүн болот! Ошондуктан, эгерде Янукович саясий жактан аң-сезимдүү болгондо муну албетте эсепке алат болчу, бирок андай болбоду... Ошентип кризис башталды.

7 – Бул кризистин башталышы, андан кийин адамдардын курман болушу, андан кийин өз ара келишүү чечимине жетишилгендиги, андан кийин парламенттин президентти кызматынан алып таштоо чечими жөнүндө талкуу жүргүзүүдөн мурда Украинада кызыкчылыктары бар үч мамлекеттин позицияларын аныктап алалы. Ошондо бул үч мамлекеттин Украина окуяларында ойногон ролу – мейли бул ролдор күчтүүлүктө бири-биринен айырмаланса да – толук белгилүү болот. Бул үч мамлекеттин бул окуялардагы ролу алардын ар бири үчүн ыңгайлуу болгон шарттарга карай жана ар биринин кызыкчылыктары талабына карай ар түрдүү болду. Бул позициялар төмөнкүдөй болду:

а) **Россия:** Орус президенти Владимир Путин 2014-жыл, 25-январдагы Евросоюз-Россия саммитинде Европа Союзун сынга алды. Ал Европа Союзун Украинага өкмөткө каршы нааразылык акциялары болуп жаткан убакта жогорку даражалуу делегация жибергени үчүн сындап: «Буга саясий аралашуу деген баа берүүгө болот», - деди. Путин Брюсселдеги мына ошол саммиттин аягында мындай деди: «Грециядагы же башка бирер мамлекеттеги кризис агымында биздин тышкы иштер министрибиз Европа Союзуна каршы болуп жаткан массалык демонстрацияларга катышып, адамдарды бирер нерсе кылууга чакырса европалык шериктерибиз буга кандай каршы мамиле билдиришин элестете аламын». (Yahoo News агенттиги, 2014-жыл, 18-январь). Интерфакс агенттиги болсо орус тышкы

иштер министри Лавровдун төмөнкү сөздөрүн келтирди: «Жон Керри “ким менен болушун тандоо бүт дүйнө менен болобу же бир гана мамлекет мененби, муну тандоо Украинанын укугу” деп айтып жаткан соң Керри – өзүнүн тажрыйбасы жана соо-саламат аң-сезими менен – мен мындай үгүттөөнү күткөн адамдардын акыркысы». Британия радиосу BBC болсо Украинадагы башаламандыктар жөнүндө 2014-жыл, 1-февралда орус тышкы иштер министри Сергей Лавровдун төмөнкү сөздөрүн келтирди: «Көчөлөрдө зомбулук акцияларына үндөөнүн демократияны күчөтүүгө кандай тиешеси бар?... Эмне үчүн европалык белгилүү саясатчылар мындай иш-чараларды шыктандырууда? Акыры алар өз мекендеринде ар кандай мыйзам бузууларды дароо катуу жазалашат эле го?». Россия Украинадагы окуяларды өкмөткө каршы «төңкөрүш жасоого аракеттенүү» деп баалады жана анын тышкы иштер министри Сергей Лавров Украинадагы кандуу окуялар туурасындагы жоопкерчиликти кээ бир Батыш мамлекеттеринин мойнуна жүктөдү. Лавров Батышты бул кризисте ортомчу ролун ойнобостукка чакырды. (Ал-Жазира, 2014-жыл, 19-февраль). Рейтер агенттиги болсо орус президентинин кеңешчиси жана Украина менен боло турган алакалар боюнча жооптуу Глазьевдин 2014-жыл, 6-февралда берген интервьюларын келтирди. Ал «Американын аралашуусу 1994-жылы кол коюлган келишимди бузуу болуп эсептелет» деп баса белгиледи. Бул келишим боюнча Вашингтон менен Москва Украина суверенитетин жана коопсуздугун камсыздоо, мына ушул түрдөгү күрөштөр келип чыккан убакта биргеликте аралашуу милдетин мойнуна алышкан эле. Киев өзүнүн Советтер Союзу доорунан калган ядролук арсеналынан баш тарткандан кийин ушул келишимге кол коюлган эле. Ошондуктан, бул орус жооптуусу: «Американыктардын учурда Украинанын ички иштерине бир жактуу ачыктан-ачык аралашып жатканы биргеликте аракет кылуу кепилдиктери көрсөтүлгөн мына ошол келишимди ачыктан-ачык бузуу болуп эсептелет», - деди. (Рейтер, ал-Жазира маалымат агенттиктери, 2014-жыл, 7-февраль).

б) **Европа Союзу:** Польша тышкы иштер министри Радислав Европа Союзунун сунушу менен ал жердеги кризисти жөнгө салууга аракет кылып көрүү үчүн Киевге бара тургандыгын билдирди. Польша тышкы иштер министринин орунбасары Петр Серафин болсо Европа Союзу алкагында Украина жооптууларына каршы жаза-чаралары киргизилишине келишип алынгандыгын билдирди. Өз кезегинде немец канцлери Меркел – француз президенти Франсуа Олланд менен бирге өткөргөн басма сөз конференциясында – «Европа тышкы иштер министрлери 2014-жыл, 20-февраль күнү Европа Украинада саясий багытты жөнгө салууну каалап жатканын көрсөтүү үчүн кайсы түрдөгү жаза-чараларды киргизүү зарылдыгын талкуу кылышы керек», - деди. Европа Союзу Украинага бул мамлекеттин Европа менен жакындашуусун колдоп-кубаттап эки айдан көбүрөөк убактан бери уланып жаткан митингдерди токтотуу үчүн бир катар жардамдарды көрсөтүүнү убада кылды. Бул убада Евросоюздун тышкы саясат боюнча координатору Кетрин Эштон Киевде президент Янукович жана оппозиция жетекчилери менен өткөргөн сүйлөшүүлөр маалында берилди.

Өз кезегинде оппозиция жетекчиси Виталий Кличко мамлекет башынан өткөрүп жаткан бул саясий кризисте Европа Союзун ортомчулук кылууга чакырды. Кличко Эштондун оппозиция жетекчилери менен өкмөт ортосунда сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн жогорку даражадагы ортомчуларды жиберүүгө Европа Союзу даяр экенин баса белгилегенин кошумча кылды. (Ал-Жазира, 2014-жыл, 5-февраль). Украина маселеси Германиянын Мюнхен шаарында 2014-жыл, 31-январда өткөрүлгөн коопсуздук саммитинде да башкы маселе болду. Европа кеңешинин төрагасы Херман Ван Ромпей мындай деди: «Сунуш дагы деле күчүндө турат, биз убакыт биздин пайдабызга иштеп жатканын билебиз, Украинанын келечеги Европа Союзуна тиешелүү». Рейтер агенттиги Германия, Польша жана Франция тышкы иштер министрлери Украина президенти менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатканы

жөнүндө кабар таркатты. Дипломатиялык булактарга ылайык, бул министрлер мамлекеттен чыгып кетишпеген. Бир дипломатиялык булак «алар азыр аны менен жолугушуу өткөрүп жатышат» деди. Бул ушул министрлер тарабынан бул мамлекетти бир айдан бери бороондой толкутуп жаткан кризистен алып чыгууга болгон аракет болуп эсептелет. (Рейтерден алынды, 2014-жыл, 20-февраль).

Бул тууралуу Арсений Яценюк жана белгилүү оппозиционер, бокс боюнча мурдагы чемпион Виталий Кличко Берлинде немец канцлери Ангела Меркел менен жолугушту. Кличко Украинадагы кризистин чечимин табууда Германия жана Европа Союзу жетекчи ролду ойношу керектигин айтты. Кличко Батыштын Януковичке басым өткөрүүсү менен бир катарда Ураина калкы үчүн финансылык жардамдар көрсөтүлүшү жана Европа менен болгон виза түзүмүн бекер кылуу же жеңилдетүү да зарыл экендигин баса белгиледи. Ал мындай жардамдарды оң таасирдүү программа деп атады. Өз кезегинде Меркел Киевди жаңы өкмөт түзүүгө жана конституцияга оңдоп-түзөтүү киргизүүгө чакырды. Меркел бир билдирүүдө: «Митингчилерге мунапыс берүү жөнүндөгү келишим бир оң маанидеги кадам болуп эсептелет, бул багытта дагы да көбүрөөк кадамдарды таштоо зарыл», - деди. (Ал-Жазира, 2014-жыл, 18-февраль).

в) **Америка:** Рейтер агенттиги 2014-жыл, 7-февраль жума күнү Вашингтондон мындай кабар таркатты: «Америка тышкы иштер министрлигинин жооптуусу менен Украинадагы Америка элчиси ортосунда болуп өткөн жана YouTube сайтына жайгаштырылган маек бул мамлекеттеги саясий өзгөрүшкө карата Америка стратегиясында бир анык өзгөрүш болгонун көрсөтүп турат». Агенттик мындай деп кошумча кылды: «YouTubeда 2014-жыл, 4-февраль күнү жарыя кылынган сүйлөшүүлөр маалында Америка тышкы иштер министринин жардамчысы Виктория Нуланд Киевдеги Америка элчиси Жеффри Баятка саясатчыга айланып оппозициянын башкы жетекчиси болуп калган бокс чемпиону Кличконун

жаңы өкмөттүн курамында болушу зарылдыгына ишене тургандыгын маалымдады». Кличко Европада алкышталган болсо да, айрыкча Украина президенти жана жетекчилеринин бири Кличко болгон оппозиция менен жолугушкан Европа делегациясы тарабынан алкышталган болсо да, бирок, Америка тышкы иштер министринин жардамчысы Виктория Нуландга Америка элчиси сүйлөшкөн маалында Европа Союзунун раъйы жакпады жана ал өзүнүн маектешине «Европа Союзу тозокко кетсин» деди. Нуланд БУУнун Киевдеги кризисти саясий жол менен чечүүдө катыша тургандыгын да көрсөтүп өттү. Нуланд мейли кечирим сураган болсо да, бирок анын сөздөрү Американын көз карашы Европа көз карашына албетте туура келиши зарыл эместигин көрсөтүп турат.

Обама да Украинада жүз берген зомбулук иштерин катуу каралап, митингчилердин курман болгондугу жоопкерчилигин Киевдеги өкмөттүн мойнуна жүктөдү жана өкмөттөн өзүн кармануусу жана аскерий күчтү колдонбостукту талап кылды. Обама маселелер тынчтык жолу менен чечилиши керектигин айтты. Бирок, ал ошол эле убакта митингчилер өз нааразылыктарын тынчтык менен улантышы керектигин жана алар жүрүшү керек болгон жол зомбулук эместигин түшүнүп жетиши зарыл экендигин да баса белгиледи. Ал бул сөздөрдү Ак үй Украинадагы кырдаалды күзөтүп келе жаткандыгын билдирген бир убакта айтты. Ошол эле убакта Америка президентинин улуттук коопсуздук боюнча кеңешчилеринин бири Бен Родстун айтымында, Америка мекемеси ташталышы зарыл болгон келечектеги кадамдар туурасында, ошону менен бирге Украинага каршы жаза-чараларын колдонуу туурасында Европа Союзу менен кеңешүүдө. (Баввоба Ньюс Ассошиэйтед Пресстен алды, 2014-жыл, 10-февраль).

Америка тышкы иштер министри Жон Керри да: «Бүгүн Европанын демократиялык келечеги үчүн күрөш болуп жаткан Украинага караганда маанилүүрөөк жер жок, ошондуктан, Кошмо Штаттар жана Европа бул

согушта Украина калкы менен жанма-жан турат», - деди. (Британия радио корпорациясы – Украинадагы башаламандыктар 2014-жыл, 1-февраль).

**Бул позициялардан жана билдирүүлөрдөн төмөнкүлөр анык көрүнүп турат:**

**Россия Украинаны өзүнүн тагдыр чечүүчү маселеси деп эсептейт**, ошондуктан да Россиянын Украина президентин экономикалык жактан колдоп-кубатоодо жан үрөп күч жумшаганын көрүп турабыз. Себеби, митингдер маалында Россия 17-декабрда Украина менен бир келишим түздү. Ага ылайык, Украина жеткирип берилүүчү газ боюнча ар миң кубометр үчүн 400 доллардан 268 долларга чейин болгон 33 % жеңилдикке жетише турган болду. Москва Украина карыздарынан 15 миллиард доллар өлчөмдөгүсүн сатып алууга да ыраазы болду. (Yahoo News агенттиги, 2014-жыл, 18-февраль). Россиянын өкүлү 2014-жыл, 21-февраль жума күнү болуп өткөн президент менен оппозиция ортосундагы келишимге кол коюу ырасымында катышпады, мейли бул келишимге Россиянын ыраазылыгы менен кол коюлган болсо да – себеби Янукович Россиянын ыраазылыгысыз бирер келишимди түзө албайт – бирок, анын өкүлү бул келишимге кол коюлушу маалында катышпады. Россия бул келишимге ыраазылык берген болсо да, бирок ал өзүнүн өкүлүн чакыртып алышы артынан Украина үчүн өзүнүн Украина Россияныкы гана болушунан башка чечимди көрбөй жаткандыгы жөнүндө кескин билдирмекчи болду! Бул болсо Россиянын Украинага өтө маани берип карай тургандыгын көрсөтүп турат. Кала берсе, бул Россиянын Украинадагы малайларын ыраазы кылуунун бир ыкмасы болчу. Себеби, бул малайларына мына ушул келишим жакпады.

**Бул маселеде «тараза өлчөөсү» болгон Европа Союзу жөнүндө айта турган болсок,** анын өкүлдөрү тынымсыз каттап мына ушул келишимди башкарууга жана кол коюлушуна баш болушту. Алардын оппозиция менен алакалары анык көрүнүп турат, ал тургай оппозиция Европанын жардам беришин ачык-айкын талап кыла турган болду. Ал гана эмес, Януковичтин

Европа менен соода келишимине кол коюудан баш тартышы дал ушул наразылык акцияларына себеп болгон.

**Америкага келсек, анын позициясынан анын эки тарапты: Европаны да, Россияны да ыраазы кылууга аракет кылып жатканы анык көрүнүп турат:** Себеби, Америка Украинанын Европа Союзуна кирбешин каалап жатат, бирок ошол эле убакта Атлантикалык Союзга мүчө болушун да каалап жатат. Себеби, Украинанын Европа Союзуна кирбеген мамлекет болуп кала бериши Россияга жагат. Ошол эле убакта Украина Америка колундагы басым өткөрүү куралы да болуп калат. Америка бул куралды өзүнүн пландарына, айрыкча Ортоңку Чыгыштагы пландарына Россиянын тынымсыз жардам беришин кепилдөө үчүн ишке салат.

8 – Эми ушул кризис жөнүндө, анын кандай башталганы жөнүндө сөз кыла турган болсок жана ал Батыш Украинада таасирге ээ болуп алган 2004-2005-жылдардагы «оранжевый» революцияда болгону сыяктуу ишти Батыштын пайдасына чечип орус таасирин тамыры менен сууруп таштай турган дагы бир «оранжевый» революциябы? 2010-жылдагы шайлоолордо болгону сыяктуу орус таасиринин дагы кайрадан тикелениши күтүлөбү? - деген суроолорго жооп берүүгө келсек, бул маселе төмөнкүдөй түшүнүп алынат:

а) Украинанын Европа Союзу менен соода келишимине Литванын Вильнюс шаарында 21-ноябрда өткөрүлө турган чыгыш кызматташтык саммитинде кол коюлушуна токтом кылынган эле. Бирок, Украина өкмөтү бул келишимге кол коюуну четке какты жана анын ордуна Украина, Европа Союзу жана Россия ортосунда үчтүк соода комиссиясын түзүүнү сунуштады, бул комиссиянын милдети ушул тараптар ортосундагы соода маселелерин чечүү болушу керек эле. Бул жооп Киев көчөлөрүндө өтө чоң наразылык акцияларынын башталышына алып келди. Мына ошондон ушул кризис пайда болду. Себеби, 2013-жылы 15-декабрда Украина борбору Киевде 200.000ге жакын адам чогулду жана кырдаал курчуп бара берди...

б) Мына ошондон кийин акциялар күчөй баштады: Эгемендүүлүк майданы ээлеп алынып чатырлар тигилди, өкмөттүн кээ бир штабдары да ээлеп алынды, президенттин отставкага кетиши же анын ыйгарым-укуктарын кыскартуу тууралсындагы, президенттин ыйгарым-укуктарын парламентке өткөрүп берген 2004-жылдагы конституцияга кайтуу тууралсындагы талаптар жаңырды, камака алынгандарды, айрыкча Юлия Тимошенкону азаттыкка чыгаруу тууралсындагы талап коюлду... Ошондон кийин 18-19-20-февраль күндөрү зомбулук окуялары, адамдардын өлтүрүлүшү жана жарадар болушу жүз берди. Украина жооптуулары 2014-жыл, 18-февраль күнү оппозициядагыларды экстремисттер деп атап, алар бутага алына турган «террорго каршы» операция башталганын жарыя кылышты, ошол эле убакта коопсуздук күчтөрү Киевдеги нааразылык акциялары борборуна чабуул кылууну улантты, мунун натыйжасында 26 киши өлтүрүлдү...

Өкмөт өзгөчө кырдаал мыйзамын чыгарып демонстрацияларга тыюу салган эле, кийинчерээк өкмөт оппозициядагыларга президенттин башкаруусу астындагы премьер-министрлик кызматты сунуштап оппозицияны бийликте шерик кылууга аракет кылып көрдү... Ошондон кийин коопсуздук күчтөрү эгемендүүлүк майданына бастырып кирүүгө аракет кылды, натыйжада курман болгондор жана жараат алгандар болду. Мындай абал 2014-жыл, 21-февралда оппозиция жана өкмөт диалог өткөрүп мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүлүшүн жана конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүүнү талап кыла турган өз ара келишүү чечимине кол коюуга жетишкени жарыя кылынганга чейин уланды... Маалымат каражаттары 2014-жыл, 21-февралда Украина оппозициясынын үч жетекчиси президенттик сарайда Европа Союзу ортомчулары катышуусунда Янукович менен биргеликте кризисти жөнгө салууга тиешелүү келишимге кол коюшканы жөнүндө кабар таркатты. Сүйлөшүүлөрдөгү Москва өкүлү болсо бул келишимге кол коюлушуна катышпай Украинаны таштап өз мамлекетине учуп кетти. 2014-жыл, 22-февралда болсо парламент президентти

кызматынан түшүргөнүн жана мөөнөтүнөн мурда шайлоолор өткөрүлө тургандыгын жарыя кылды...

Көңүлдү бура турган нерсе, Европа Союзу мына ушул диалог жолугушууларын башкарган болсо да жана келишимдерге Европа ортомчулугу менен кол коюлган болсо да, бирок ушул келишимге кол коюлгандан кийин Путин менен биринчи болуп Обама байланышты. Себеби, Америка тышкы иштер министрлигиндеги бир жооптуу Обама жана Путиндин өз ара телефон аркылуу байланышып, экөө тең маек маалында Украинадагы тынчтык келишимин тездик менен ишке ашыруунун маанисин жана украин экономикасын турукташтырууга жетишүү зарылдыгын баса белгилешкенин айтты. Ошол Америка жооптуусу телефон аркылуу өткөрүлгөн маалымат конференциясында журналисттерге эки тарап тең жетишилген келишимди тездик менен аткаруу зарылдыгы туурасында жана бардык тараптарды зомбулуктан тыйылууга үндөө туурасында, бул жерде тынч жол менен натыйжага жетишүүнүн чыныгы мүмкүнчүлүгү бар экендиги өтө маанилүү экендиги туурасында бирдей пикирде экендигин билдирди. (Ал-Жазира, 2014-жыл, 22-февраль).

в) Эми бул наразылык акциялары 2004-2005-жылдарда болгону сыяктуу дагы бир «оранжевый» революциябы? Буга Россиянын 2010-жылда болгону сыяктуу каршы мамиле билдириши күтүлөбү? – деген суроого келсек, бул суроого жооп бериш үчүн учурда абал 2005 жана 2010-жылдагыдан айырмаланышын эсепке алуу зарыл болот. Себеби, эми бул үч тараптын эч биринин бардык тизгиндерди өз колунда кармап калышынын жана өзүнүн пайдасына гана боло турган чечимди пайда кылышынын мүмкүнчүлүгү калбады. Муну ачыгыраак элестетүү үчүн төмөнкүлөрү дагы кайрадан эстетебиз:

– «оранжевый» революция жүз берген убакта Россия Советтер Союзу кулашынын таасирлеринен кыйналып жаткан эле. Ошондуктан, Россия саясий жана экономикалык жактан бир ири мамлекет катары

турукташа элек болчу. Европа жана Америка болсо экөөсү бир болуп «оранжевый» революцияны колдоп-кубаттады. Себеби, Америка жана Европа Украинанын Россия чеңгелинен чыгып кетип, Украинада «тараза ташы» күчтүү тарап: Америка жана Европа пайдасына басышынан кызыкдар эле. Америка өзүнүн малайы Юшенко «тараза ташын» эч бир чатаксыз Америка пайдасына басууга толук ишенген эле. Ошондуктан, күрөш күчтүү тарап болгон Америка жана Европа менен алсыз тарап болгон Россия ортосунда болду. Натыйжада, Россия өзүнө малай болгон президентти колдоп-кубаттай албады. Ошентип, 2005-жылдагы шайлоолордо Россия малайы жеңилип, Америка адамы Юшенко Украина президентине айланды...

– 2010-жылы болсо Россия кандайдыр бир даражада оңолгон жана анда ыңгайлуу саясий жана экономикалык туруктуулук көрүнө баштаган эле. Америка жана Европа болсо экономикалык кризиске дуушар болгон эле. Экөөсү бул кризис себептүү араң дем алып жаткан эле. Ошондуктан, Россия мына ушундай шартта Батыштын Украинадагы малайы болгон өкмөттү экономикалык проблемаларга – айрыкча газ тармагында – дуушар кылууга жетишти. Мындан тышкары, Россия өзүнүн Украинадагы малайларын да активдүү ишке салды. Ошондуктан, Россиянын Украинадагы адамы Янукович жеңишке жетишти. Мейли ал 3 % айырма менен добуш алып жеңип чыккан болсо да, бирок ал Россия таасирин кандайдыр бир даражада кайрадан тикеледи.

– Ал эми учурда бул үч күчтүн ар бири ички жана тышкы проблемаларды башынан өткөрүүдө... Мындан тышкары, Америка Украинанын Европага көз каранды болушун каалабайт. Тескерисинче, Америка Украинанын Европа Союзуна кирбей, өзүнүн таасир өткөрүү борборуна айланышын каалайт. Себеби, мына ошондо Америка Россияны өзүнүн пландарын, айрыкча Ортоңку Чыгыштагы пландарын ишке ашырууда Америка менен кызматташууну улантууга мажбур кылуу үчүн Украинадан Россияга басым өткөрүү жана Россияны кызыктыруу куралы катары

пайдалана турган болот. Ошондуктан, Украинанын Европа Союзуна кошулбастыгы Россияны ыраазы кылат, мейли, Украинада эң чоң үлүш Россияныкы эмес, Американыкы болсо да!

– Ошондуктан, демек бул үч тараптын эч бири Украинаны бүтүндөй өз тарабына тартып алууга кудуреттүү болушу күтүлбөйт. Эң эле жок дегенде жакынкы келечекте бул нерсе күтүлбөйт. Тескерисинче, өз ара келишип бир чечимге жетишүүсү күтүлөт. Мисалы, азыркы президенттин отставкага чыгышы же чыгарылышы, мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоо өткөрүлүп 2004-жылдагы конституцияга ылайык ыйгарым-укуктары кыскартылган, өз ара келишилген президентти бийликке алып келүү же конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү сыяктуу жана ушуга окшогон капитализм ыкмасындагы чечимдерге т.а. орточо, келишүүчү чечимге жетишүүлөрү күтүлөт. Башкача айтканда, Украинадагы жаңы кырдаал ушул үч тараптын бир тарабынын пайдасына гана чечилиши ыктымалдан алыс. Ошондуктан, демек Украинада шайлана турган ар кандай президент ушул үч тараптын этегине жабышкан болот. Жок эле дегенде жакынкы келечекте ушундай болот.

– Бирок, бул чечим ар кандай убакта, жаңыча абал пайда болгон убакта жарылууга даяр бир бомба болуп кала берет. Жаңыча абалда бул үч тараптын кимиси болсо да Украинада толук таасирге ээ болуп алышы мүмкүн. Себеби, бул үч тарап капитализмди кабыл алган, капитализм болсо пайдапарастык үстүнө курулат. Демек, бул үч тараптын эч биринде өзгөрбөс баалуулуктар жок, тескерисинче өзгөрүүчү болуп, бул үч тараптын кайсынысы биригүүчүрөөк, дагы да ыпыласыраак жана дагы да зордукчулураак болсо ошонун тарабында болот.

– Ошондуктан, демек өз ара келишим негизиндеги бул чечимдер азыркы шарт үч тарапка тең өз өкүмүн өткөрүп мажбур кылып жаткан «тынчтандыруучу» чечим болуп эсептелет. Демек, абал өзгөрсө иштер кайрадан курчуп кетет. Ошондуктан, Украинадагы кырдаал мусулмандардын

Халифалык мамлекети тикеленсе гана туруктуу абалга келет. Халифалык Крымды жана анын айланасын дагы кайрадан өз башкаруусу астына кайтарат. Мына ошондон кийин иштер турукташып, жакшылык бүт дүйнөгө жайылат. Себеби, Ислам бүт дүйнө үчүн рахмат болуп эсептелет. Аллахтын уруксаты менен Ислам башкаруусу астында эч ким зулум көрбөйт, эч ким ач жана жылаңач калбайт. Тескерисинче, азиз болуп калат, кордолбойт. Себеби, мамлекеттин бардык жарандары – мусулмандар болсун, кайрымусулмандар болсун – шаръий өкүмдөргө ылайык акы-укукка ээ болот, моюндарында важиб милдеттер болот. ***«Аллах Өз ишинде үстөмдүк кылуучу, бирок адамдардын көптөрү** (муну) **билишпейт»*** [12:21]

**22-робиус-саний, 1435-х.**

**22-февраль, 2014-м.**

## Украина кризисинин акыбеттери

**Суроо:** *Украина жөнүндө 2014-жылы 22-февралдагы суроого берилген жоопто мындай делген: «...Башкача айтканда, Украинадагы жаңы кырдаал ушул үч тараптын бир тарабынын пайдасына гана чечилиши ыктымалдан алыс. Ошондуктан, демек Украинада шайлана турган ар кандай президент ушул үч тараптын этегине жабышкан болот. Жок эле дегенде жакынкы келечекте ушундай болот. Бирок, бул чечим ар кандай убакта, жаңыча абал пайда болгон убакта жарылууга даяр бир бомба болуп кала берет. Жаңыча абалда бул үч тараптын кимиси болсо да Украинада толук таасирге ээ болуп алышы мүмкүн. Себеби, бул үч тарап капитализмди кабыл алган, капитализм болсо пайдапарастык үстүнө курулат. Демек, бул үч тараптын эч биринде өзгөрбөс баалуулуктар жок, тескерисинче өзгөрүүчү болуп, бул үч тараптын кайсынысы биригүүчүрөөк, дагы да ыпыласыраак жана дагы да зордукчулураак болсо ошонун тарабында болот...».*

*Бүгүн Украинада окуялар ылдамдап жатканын байкап жатабыз, айрыкча, Крым жарым аралында ушундай болууда. Ал тургай, орус Кара деңиз флоту 2014-жылы 3-мартта украин аскерлерди 12 саат ичинде*

*багынууга чакырып, ультиматум жолдоду! Бул нерсе Россия Украинаны өз тарабына күч менен тартып алуу үчүн күч тапканын, ошондуктан, калган эки тарап: Америка жана Европаны эсепке албай жатканын түшүндүрөбү т.а. «жарылууга даяр бомбанын» жарылышынын убагы келдиби? Андыктан, бул кризистин аягына жетишин жана Украинадагы абалдын туруктaшуусун кантип күтүү мүмкүн? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.*

**Жооп:** Биз ошол суроонун жообунда мындай деген элек: «… үч тараптын эч бири Украинаны бүтүндөй өз тарабына тартып алууга кудуреттүү болушу күтүлбөйт». Себеби, 2004-2005-жылдардагы шарттар жана 2010-жылдагы шарт азыркы шарттагыдай эмес. Ошондуктан, азыр бул үч тараптын эч бири Украинаны бүтүндөй өз тарабына тартып ала албайт. Демек, Ураинадагы абалдын төмөнкүдөй туруктaшуусун күтүү мүмкүн:

1– Убактылуу туруктуулук: Украинадагы абал – Украинада Россияга, Америка жана Европага жакын болгон кимсе президент болуп орнотулса т.а. ал ушул үч тараптын этегине байланган болсо – туруктaшуусу мүмкүн...

2– Ал эми, абалдын туруктуу түрдө туруктaшуусуна келсек, Крым Исламий Халифалыктын кучагына кайтса гана абал туруктуу болот. Ошондо жакшылык баарына бирдей жайылат, бул жакшылык бүткүл дүйнөгө жетип барат. Ислам ааламдар үчүн рахмат болуп келген. Ушуну да эске сала кетүү керек, Крым кылымдар бою Халифалыкка баш ийип келген. Бул абал Россия Батыш мамлекеттери менен тил бириктирип Крымды басып алганга чейин созулду. Ушул баскынчылыктан кийин он сегизинчи кылымдын аяктарында Россия Крымды өзүнө кошуп алды. Негизи, Крым 1430-жылдан тартып Исламий амирлик болгон, кийинчерээк ал Халифалыктын гүлдөп-өскөн доору 1521-жылы Усманий Халифалык мамлекетинин вилаяттарынын бирине айланган. Бул абал орустар жана куфр мамлекеттери өз ара тил бириктиргенге чейин уланды. Мына ошондон кийин колонизаторлор 1783-

жылы Крымды Усманий мамлекеттен бөлүп жиберишти. Колонизаторлор Крымда ал тургай жырткычтыктар да жийиркене турган кылмыштарды жана кыргындарды ишке ашырышты. Мына ошондон кийин колонизаторлор Крымды Россия курамына кошушту жана анын борборунун Ак мечит деген ысымы азыркы Симферополь деген атка өзгөртүлдү. Маалымат үчүн ушуну айта кетсек, Крым деген сөз Крым калкы болгон татар мусулмандардын тилинде чеп маанини билдирет. Ошентип, Крым орустар басып алышынан мурун болжол менен үч жарым кылым исламий вилаят болгон! Крым өзүнүн түпкүлүгүнө кайтып – инша Аллах – кирип келе жаткан Халифалык мамлекетинин исламий вилаятына айланса гана туруктуулук жүзөгө чыгат.

3 – Ансыз абал жарылууга даяр бир бомба болуп кала берет. Себеби, үч тарап: Россия, Америка жана Европа ар бири Украинаны бүтүндөй тартып алуу үчүн өзүнүн кубаты жеткенин көрсө же башка эки тарапты четтетүү үчүн мүмкүнчүлүк пайда болгонун көрсө Украинаны бүтүндөй өзүнө тартып алууга киришет. Бул тараптар – айтып өткөнүбүздөй – капитализм негизинде аракет кылат. Капитализмде болсо пайдапарастыктан башка баалуулуктар жана өлчөөлөр жок. Ошондуктан, кайсы тарап өзүндө кубат пайда болгонун көрсө башкаларды дароо унутат... Бирок, эгер өзүндө кубатты таппай башка тараптарга келишүүгө барбаса, анда, Украинадагы кризис дагы да чаташат. Ушундай абал Янукович эсеп-кысаптан адашып Европа Союзу менен соода келишимине кол коюудан баш тартканда жаркын көрүндү. Янукович Россия менен Американын «ынак» болуп жатканына ишенип ушул келишимди четке каккан эле. Себеби, ал Европа Союзуна каршы турууда Америка аны менен бирге турат деп ойлогон. Натыйжада, ал өз жанын куткарып качууга мажбур болду... Киевдин жаңы акимдери да ката кылып эсептен адашышты. Себеби, алар Россиядан баш тартып, Украинаны Россиядан алыстата алабыз деп ойлошкон, ошондуктан, Батышка карай, айрыкча, Европа Союзуна карай жүздөнүшкөн эле... Акыбетте, алар мамлекеттик структуранын шал абалында жана проблемалар ириминде калышты!

**Корутундулап ушуну айтабыз, Украинада бул үч тараптын кызыкчылыктары бар:**

Россия Украинаны өзүнүн «эгин талаасы» деп билет! Америка болсо Украинанын НАТОго кошулушун каалайт. Европа болсо Украинанын Евросоюзга кошулушун каалайт. Ошондуктан, азыркы шарттар бул тараптардын эч бирине башка эки тараптан бүтүндөй үстөм болуп Украинаны бүтүндөй өз тарабына тартып алышына мүмкүнчүлүк бербейт.

Эми, орустардын «Интерфакс» маалымат агенттиги 2014-жылы 3-мартта тараткан «Орус Кара деңиз флоту Крымдагы украин аскерлерге 12 саат ичинде багынуу туурасында эскертип мөөнөт берди» деген кабарга келсек жана Россиянын азыркы учурда өз «булчуңдарын» көрсөтүп жаткан иштери жөнүндө айта турган болсок, булар дагы да көбүрөөк басым өткөрүү жана коркутуп абалды дагы да «кызуу» түс алдыруу түркүмүнө кирет. Россия өзүнүн көз карашына күчтүү жана Украинадагы абалга тиешелүү ар кандай чечимге таасир өткөрө турган түрдө кулак салдыруу үчүн ушундай кылууда... Ушуга ылайык, үч тарап бири-биринен өтүп кескиндикти курчутушу күтүлөт. Булардын баары үч тараптын кызыкчылыктарын эсепке алган бир президентти алып келүү үчүн жасалат. Бул чечим албетте убактылуу болот т.а. үч тараптын бирине Украинаны өз тарабына тартып алуу мүмкүнчүлүгүн берген жаңы жергиликтүү, регионалдык жана эл аралык шарттар жүзөгө келгенге чейин же Халифалык дагы тикеленгенге чейин улантат. Себеби, Халифалык Крымды дагы мурунку түпкү абалына кайтарат...

***«Аллах Өз ишинде үстөмдүк кылуучу, бирок, адамдардын көпчүлүгү** (муну) **билишпейт»*** [12:21]

**3-жумадул-аввал, 1435-х.**

**4-март, 2014-м.**

## Украинадагы кескиндиктин жана провокациянын артында эмне турат?

**Суроо:** *Украина президенти Пётр Порошенко: «Россия чегара күчтөрү Кара деңиз менен Азов деңизин туташтырган Керч кысыгында Украина аскерий кемелеринин жолун тосуп, өлкөбүзгө каршы душманчыл аракеттерди баштады», деди. Порошенко бу сөздөрүн Американын «Fox News» каналына берген интервьюсунда айтты. Ал минтип кошумчалады: «Путин мырза, бул тамаша, же катардагы окуя, же кризис эмес, бул агрессия жана согуш». (Спутник Арабий, 2018-жыл, 12-декабрь). Ал эми, Россия Украинага караштуу үч кеме 2018-жылы 25-ноябрда орус жээк күзөтчүлөрү тарабынан кармалганын маалымдаган. О.э. бул кемелер Крым жарым аралынын чыгышындагы Кара деңиз менен Азов деңизин туташтырган Керч кысыгы жанында Россиянын аймактык сууларын бузганын айткан. Мунун артынан АКШ Россияга каршы санкцияларды күчөтүү талабы менен чыкты, бирок Европа муну четке какты. Бул кескиндик дале уланууда. Мунун артында ким турат? Эмнеге ал жерде кырдаал дагы курчуду?*

**Жооп:** Аллахтын уруксаты менен, Жоопду жаркын баяндоо үчүн бул маселеге тиешелүү болуп өткөн жана болуп жаткан окуяларды карап чыгабыз:

1 – 2014-жылы февралда Россия-АКШ-Европа Украинанын ошол кездеги президенти Виктор Януковичтин бийликте калышына келишишкен. Белгилүү болгондой, Виктор Янукович орусчул адам. Бирок, келишимден эч канча убакыт өтпөстөн, Украинада башаламандыктар башталып, Янукович Россияга качып кетти. Бул окуянын артында Батыш турганы белгилүү эле. Россия Батыш аны алдаганын жана Украинаны колдон чыгарганын түшүнөр замат Крым жарым аралын басып алды. Россия Украина чыгышында жайгашкан Донбасстагы тарапкерлерин тукуруп, өз региондорун ДЭР жана ЛЭР наамы менен эгемен болууну талаб кылууга үндөдү. Натыйжада, АКШ менен Европа Россияга санкцияларды киргизип, аны Чоң Жетиликтен (G-7) чыгарып салышты.

2 – АКШ Украинаны куралдантуу талабы менен чыкты. Бирок, Европа муну четке какты, анткени, Европа бул нерсе Россия менен болгон мамилелерди кескиндикке алып келишин, абал курчуса өзүнө терс таасир кылышын түшүндү. Ушул себептен улам, Франция менен Германия кескиндикти басаңдатуу жана саясий чечимин табуу максатында Россия менен байланышты жана 2015-жылы 6-февралда АКШдан тышкары үч мамлекет ортосунда Минск келишимине кол коюлду. Биз бул жөнүндө 2015-жылы 21-февралдагы суроо-Жооп баракчабызда мындай дегенбиз: «Европа (т.а. Франция менен Германия) Америка позициясынын мындай кескин өзгөрүшү Украинага каршы орус аскерий амалияттарынын күчөшүнө алып келишинен, акыбетте Европаны – эгер, ал Украина тарапта турбаса – кыйын ахвалга салышынан кабатырланып калды. Мунун натыйжасында Европада согуш же согушка окшогон абал жаралат, ошол эле учурда, бул согуш Америкага таасир кылбайт. Демек, ушул нерсе Европаны Украина жаатында Америка пикирине кошулуу саясатын өзгөртүүгө үндөгөн себеп болду. Ошондуктан, Европа саясий чечимди табуу жана Европа менен Россия ортосундагы ар кандай кескин кырдаалдын жолун тосуу үчүн орус президенти менен жолугушууга чечим кылды. Ошондой да болду. Европа (Франция менен Германия) жетекчилери 2015-жылы 6-февралда бул маселени талкуулашты жана өз ара келишип алышты. Ошодон кийин Меркель бул нерсени Обамага билдирүү үчүн 2015-жылы 8-февралда Вашингтонго барды».

3 – Бул иш-аракет АКШга жакпады. Кийинчерээк АКШ келишимди колдоп-кубатташын билдирсе да, бирок, түпкүлүгүндө келишимди жүзөгө чыгышы үчүн колдогон жок, тескерисинче ал келишимди жокко чыгаруу, күчүн кетирүү үчүн аракет кылды. Жогоруда айтылган суроо-Жоопдо мындай дегенбиз: «Франция менен Германиянын позициялары Обама жана анын администрациясына катуу таасир кылды. Бул болсо, Мюнхен конференциясында Керри менен Меркелдин айтышуусуна себеп болду. Бул

айтышууга айрыкча Америка Украинаны курал-жарак менен камсыздоо жөнүндө билдирүү бергени себеп болду. Европа ага каршы чыгып жаткан». Кийин минтип кошумчалаганбыз: «Америка – күчтүү ыхтымалга ылайык – бул келишимдин ишке ашуусуна тоскоол боло турган бир нече проблемаларды пайда кылышы мүмкүн. Анткени, АКШнын Украинада өз адамдары бар, республика президенти Порошенко Европага жакын болсо да, бирок Американын да ага карата таасири чоң... Ошондуктан, Америка кырдаалды ушул үч варианттын бири менен же баары менен курчутушу мүмкүн:

Украинаны заманбап курал-жарак менен камсыздоо;

Украинаны НАТОго кошуу үчүн сүйлөшүүлөрдү алып баруу;

Же Украинадагы өзүнүн адамдарын аракетке келтирүү.

Ушуну менен келишим дээрлик жокко чыгышы мүмкүн. Анткени, бул үч варианттын кайсы бири болбосун, шексиз Россияны чагымга түртөт, окуяларга таасир кылып, келишимдин жокко чыгышына алып барат...». Бүгүн дал ушундай болууда, Америка келишимди жокко чыгарууга жана кырдаалды курчутууга аракет кылууда.

4 – Андыктан, соңку окуялардын тамыры ушул жакка барып такалат, Россия Украинанын үч кемесин колго алды. Чамасы, Украина бул иште Россияны провокация кыла алган көрүнөт. Албетте, Америка жашыл чырак жандырбаса, Украина мындай кылууга батынмак эмес. Россиянын ТАСС маалымат агенттиги 2018-жылы 25-ноябрда жарыялаган кабарга ылайык: «Украинага караштуу үч аскерий кеме кооптуу манёвларды жасап Россиянын аймактык сууларына мыйзамсыз кирген». Андан кийин Украина Батыштан бул маселеге аралашууну суранды. Президент Пётр Порошенко 2018-жылы 29-ноябрда Германиянын «Bild» гезитине мындай деди: «Германия биздин жакын союздаштарыбыздын бири, биз НАТОго мүчө мамлекеттер Украинага жардам берүү жана ал жерде коопсуздукту камсыздоо үчүн Азов деңизине кемелерин жөнөтөт деген үмүттөбүз. Путин Азов деңизин басып алууну

каалап жатат. Ал түшүнө турган жалгыз сөз – Батыш дүйнөсүнүн биримдиги. Германия да, эгер Путинди токтотпосок, ал эмне кылышы мүмкүн деп ойлоп көрүшү керек. Россиянын мындай саясаты кабыл алгыс саясат. Путин биринчи Крым жарым аралын, кийин Украинанын чыгышын, эми болсо Азов деңизин каалап жатат. Путин илгерки Орус Империясына кайтмакчы: оболу ал Крым жана Донбассты тартып алды, эми бүткүл Украинаны басып алат». Ал минтип кошумчалады: «Меркель 2015-жылы Минскиде өткөргөн сүйлөшүүлөр аркылуу өлкөбүздү куткарган. Ошондуктан, башка союздаштарыбыз бизди экинчи жолу дагы коргойт деп үмүттөнөбүз». Бирок, Германия канцлери Меркель аскерий амалиятты четке какты. Бул жөнүндө ал 2018-жылы 29-ноябрда «DPA» маалымат агенттигине: «Бул карама-каршылыктар үчүн эч кандай аскерий чечим жок», - деп билдирүү берди, Порошенкодон «оор басырыктуу» болууну суранды жана: «Тынчтыкты сактап... биз эмне болуп жатканын билүү үчүн фактыларды ортого салалы», - деди. Андан кийин Меркель маселени Путин менен сүйлөшүүгө убада берди жана Россияга санкцияларды колдонуудан баш тартты. Германия тышкы иштер министри Хайко Маас 2018-жылы 6-декабрда Италияда болуп өткөн Европа Союзунун тышкы иштер министрлеринин конференциясында украиналык кесиптеши Павел Климкин менен жолугушкандан кийин мындай деди: «Кескиндикти токтотууга багытталган иш-аракеттер уланган соң, Берлин – Россия менен Украинанын кагылышуусу себептүү – Европа Союзу тарабынан Россияга санкциялар киргизилишине макул эмес». Ал минтип кошумчалады: «Учурда мен да кошумча санкцияларды жаңылыштык деп билемин. Анткени, кескиндикти басуу үчүн иш-аракеттер болуп жатат. Германия тараптан жаңы санкцияларды киргизүү сунушу эч качан болбойт. Европа Союзу ичинде да жаңы санкцияларды колдонуу жөнүндө тилектештик болот деп ойлобоймун». (Рейтер, 2018-жыл, 7-декабрь). Германия Европа Союзундагы башка көптөгөн мамлекеттер менен бирге кырдаал канчалык курч экенин жана Европага канчалык зыян жеткиришин

түшүнүп турат. Ошондуктан, аскерий амалияттарды да, санкцияларды да каалабай жатат. Анткени, бул эки башы бар таяк сыктуу, Россияга да, Европага терс таасир тийгизиши мүмкүн.

5 – Бул маселеде Америка кырдаалды курчутууга, санкцияларды колдонууга аракет кылган позицияны кармануудa. Трамп ушул жылы 30-ноябрда G-20 саммитинде кесиптеши Путин менен жолугушууну бекер кылды. Жолугушууга Россия менен Украина ортосундагы кеме жаңжалы себептүү Трамп администрациясы макул болбоду. Трамп Аргентина борбору Буэнос-Айресте Япония премьер-министри Синдзо Абэ менен жолугушардан мурун журналисттерге Украина кемесинин камакка алынышына түшүндүрмө катары: «Бизге болуп жаткан нерсе жакпайт, биз ага ыраазы эмеспиз. Жалпысынан, буга эч ким ыраазы болбойт», - деп билдирүү берди. (RT Online, 2018-жыл, 30-ноябрь). АКШнын Украинадагы атайын өкүлү Курт Волкер 2018-жылы 27-ноябрда мындай деди: «Россия жетекчилиги жергиликтүү портторго, анын катарында, Мариуполь портуна жеке көзөмөл орнотууга аракет кылып, ал жерге башкалар баруусуна жол бербей жатат. Россия ал жерде жеке өзү көзөмөл орнотушу АКШны кабатырга салууда». АКШ өкүлү Россия 2003-жылы Азов деңизи жана Керч кысыгын пайдалануу жөнүндө Украина менен кол койгон келишимге амал кылышы керектигин баса белгилеп: «Мен Россия Украина жерлерине кургактык чабуулдарын баштайт деп ойлобоймун, эгер буга окшогон иш-аракет жүз берсе, мен үчүн бул таптакыр күтүлбөгөн абал болот», - деди. (Ukrpress, 2018-жыл, 28-ноябрь). 2003-жылы кол коюлган келишимге ылайык, Азов деңизи менен Керч кысыгы Россиянын да, Украинанын ички суулары болуп эсептелет. «Америка үнү» радиосунун 2018-жылы 6-декабрдагы кабарына ылайык, «АКШнын Украинадагы атайын өкүлү Курт Волкер келерки эки апта ичинде Украинага сапар кылат. Ал Россиядан ал кармап турган украиналык деңизчилерди азат кылууну талап кылды. О.э. Россия 2003-жылы кол коюлган эки тараптуу келишимге ылайык, Азов деңизи менен Керч

кысыгында Украина менен кызматташууга кайтуу керектигин айтты». Ушул билдирүүдөн көрүнүп тургандай, Америка анчейин деле шашпай жатат. АКШнын Украинадагы атайын өкүлү Украинага барышын маалым кылды! Бул болсо, Америкага чечим керек эместигин, ал кырдаалды курчутууга умтулуп жатканын түшүндүрөт. АКШ проблеманы чечүүгө кызыкдар эмес, ал бул эки мамлекеттин мамилелерин курчутуп, ушундай абалды сактап калууну каалап жатат!

6 – Ушуну баса белгилөө зарыл, Америка Украинаны курал-жарак, аскерий жабдыктар менен камсыздап жатат, армиясын машыгуудан өткөрүүдө. Бул жөнүндө америкалык өкүл Курт Волкер Германиянын «Deutsche Welle» агенттигине 2018-жылы 29-ноябрда мындай билдирүү берди: «Киев менен Вашингтонду коргонуу жаатындагы табигый кызматташтык байлап турат... АКШ Украинага – күчтүү заманбап коргонуу жөндөмүнө ээ болушу үчүн – куралдуу күчтөрдү түзүүгө жана реформалоого жардам берет». Көрүнүп тургандай, америкалык өкүл бул сөздөрү менен анын мамлекети Украинаны куралдантып жатканын моюндоодо. RT агентиги ушул жылы 9-июнда минтип жарыялады: «АКШ Украина батышындагы Львов шаарынын аэропортуна төрт самолёт жөнөттү. Бул АКШнын стратегиялык бомбалоочу самолётторун ал жерде күйүүчү май менен камсыздоого багытталган. Вашингтон билдиришинче, АКШнын бул иш-аракети НАТО менен биргеликте Чыгыш Европада коопсуздукту камсыздоо жөнүндөгү кызматташтык алкагына кирет. Украина аэропортуна экипаж мүчөлөрүнө кошумча самолётторго техникалык кызмат көрсөткөн 150 америкалык да конду. АКШ аба күчтөрүнүн Европа жана Африкадагы басма сөз кызматы чыгарган билдирүүгө ылайык, АКШнын бул кадамы Чыгыш Европада коопсуздукту камсыздоого жана НАТО мүчөлөрү менен шериктери ортосунда аскерий кызматташтыкты бекемдөөгө багытталган». Орус гезити кошумчалашынча, «АКШ-Украина ортосундагы кызматташтык 2014-жылдагы Украина бийлигине каршы төңкөрүштөн бери тынымсыз өнүгүп

баруудa. Украина АКШдан аскерий транспорт каражаттарын, учкусуз башкарылган учактарды, радарларды, аскерий жабдыктарды, чоң калибрдеги снайпер мылтыктарын жана танкка каршы башкарылган ракеталарды алган, америкалыктар бул куралдардан Донбасста колдонбоону шарт кылган». Көрүнүп тургандай, Америка Украинаны куралдантуу жана Россияны провокация кылууга тукуруу аркылуу кырдаалды курчутууга, ушул аркылуу Россияны Жооп кайтарууга мажбурлоого урунуп жатат. Кырдаал курч абалда турушу үчүн АКШга ушул нерсе керек. Кийин АКШ өз кызыкчылыгына карап Крым жана Украина маселесин көтөрөт. Биз 2014-жылы 22-мартта жарыялаган суроо-Жооп баракчасында Россия Украинанын бир бөлүгү болгон Крымды аннексия кылганы жөнүндө сөз кылып, мындай дегенбиз: «... Украина эл аралык жана регионалдык шарттар Россия же Батыштын пайдасына өзгөргөндө жарылууга даяр бир «бомба» болуп кала берет. Ошондо, ар бир тарап бүткүл Украинага көз алайтып, ага толук ээ болуп алууга урунат. Бул ошол убактагы эл аралык шарттарга карап өзгөрөт... Украина – Россиянын бөлүгү, ошол эле учурда, Европа дарбазасы».

7 – Америка тымызын Украинаны провокация кылууга үндөп жатат. Украинанын Крымдагы өз укугун кайтарып алууга жана Россия таасири астында калган Донбассты кайра өз көзөмөлүнө алууга, Азов деңизи менен Керч кысыгындагы өз укугун коргоого багытталган аракеттери Американын үндөөсү болуп эсептелет. Керч бул эки өлкө үчүн маанилүү стратегиялык кысык. Анткени, Азов деңизинен Кара деңизге алып өтүүчү жалгыз өтмөк – бул Керч. Андан башка жол жок. Америка Украинаны куралдантууда жана бул Минск келишимине карама-каршы болуп эсептелет. АКШ ушундай жол менен Европа-Россия келишимин бузууга жана алардын ортосундагы кырдаалды курчутууга аракет кылууда. Ошол эле учурда, Европа бул жалынды өчүрүүгө аракет кылып жатат. Анткени, бул жалын ага каршы багытталган. Ошондуктан, Европа АКШ өкүмдарлыгынан азат болууга урунуп, Россия менен тилектеш болуу үстүндө иш-аракет алып барып

жатканына, Россия жана АКШдан коргогон көз карандысыз Европа армиясын түзүүгө чакырып жатканына күбө болуп жатабыз. Америка буга кыжыры келгени даана байкалды, мисалы, 2018-жылы 9-ноябрда Трамп менен Франция президенти Макрон ортосундагы Париж жолугушуусунда болгондой. Америка соода согушун жарыялап, муну менен Европаны бутага алышы, Европа Союзун таркатууга ачыктан-ачык чакырышы, ушул жыл менен өткөн жылы НАТО жолугушуусунда жана Чоң Жетилик саммитинде американыктар менен европалыктар ортосундагы күчтүү карама-каршы тартышуулар, европалыктар айрым маселелерде, анын катарында, Украина маселесинде Америкага эрегишке чакырык таштаы... Американы ушундай кадам шилтөөгө т.а. Европаны Россиядан бөлүп турган Украинада кырдаалды курчутууга үндөдү.

8 – Россия Украина маселесинде туңгуюкка кептелген. Эгер, ал Украинаны колдон чыгарса Батыш алдында ачык калат, Москва кооп-коркунучка туш болот. Өзгөчө, ушул кезге чейин Чыгыш Европада таасирин жоготту. Чыгыш Европа Россиянын стратегиялык коргонуу чеги болуп кызмат кылган. Батыш, айрыкча, Америка Россияны көп жолу алдады. Мисалы, Берлин дубалын кулатуу жана Чыгыш Германияны Батыш Германияга тапшыруу, Польшадан баш тартып, Польшанын да, Чыгыш Европа мамлекеттеринин да эгемендүүлүгүн кабыл алуу... Мына, Батыш бүгүн Россияны Украина жаатында дагы алдап жатат. Т.а. Батыш 2014-жылы орусчул Януковичти бийликте калтыруу жөнүндө Россия менен келишип алып, кийин аны кулатуу үчүн украиналыктарды аракетке келтирди. О.э. Батыш Россияны Сирияда алдады! Америка Сириядагы согушка өзүнүн ордуна Россияны киргизди жана бул Россиянын зыянына болду. Россия Сирия согушуна аралашсам, мунун акысына Америка Крымды аннексия кылганыма жана Украинанын чыгышын көзөмөлгө алганыма сүкүт кылат деп ойлогон. Бирок, Америка андай кылбады! Эгер, Россия акылдуураак

болгондо Сирияга кирмек эмес жана Америка Сирия согушуна кирип – Афганистанда болгондой – баткак малынышына жол бермек.

**9 – Корутунду:**

а) Ушул окуялар Украина кемелери Россия менен келишпестен Азов деңизине кирүүгө умтулушу артында Америка турганынын жана ал жердеги кырдаалды курчутууну көздөп жатканынын белгилерин көрсөтүүдө. Кырдаалды курчутуу аркылуу Америка үч мамлекетке: Россия-Европа-Украинага багытталган өз кызыкчылыгын жүзөгө чыгарат. Демек, ал проблеманын чечилишин эмес, кырдаалдын курчуусун каалайт, проблема жана кескиндик сакталып калышы керек!

б) Бу дүйнөдө капиталисттик илманий мамлекеттер дале өкүмдар, демек ыплас тил бириктирүүлөр, жырткыч кылмыштар жана аёосуз зулумдар уланат. Анткени колонизаторлук деген түшүнүк бул мамлекеттердин иш-аракеттеринин негизин түзөт.

в) Жалгыз улуу Ислам мабдасы гана дүйнөнү бул мамлекеттердин карамүртөздүгүнөн жана инсан ойлоп тапкан мабдаларынан куткарат. Себеби, Ислам инсандын жаратуучусу Халик тарабынан түшүрүлгөн. Халик ал жараткан нерселерге эмне жакшы экенин билет:

﴿أَلَا يَعْلَمُ مَنْ خَلَقَ وَهُوَ اللَّطِيفُ الْخَبِيرُ﴾

***«Жараткан** (Өзү жоктон бар кылган нерселерди) **билбейби?! Ал – мээримдүү жана кабардар»*** [67:14]

Адилеттик орнотуп, изгилик жаюучунун акыйкаты ушундай:

﴿فَمَاذَا بَعْدَ الْحَقِّ إِلَّا الضَّلَالُ﴾

***«Акыйкаттан кийин адашуу гана бар»*** [10:32]

﴿إِنَّ فِي ذَلِكَ لَذِكْرَى لِمَنْ كَانَ لَهُ قَلْبٌ أَوْ أَلْقَى السَّمْعَ وَهُوَ شَهِيدٌ﴾

***«Албетте мында** (билгич) **жүрөк ээси болгон же өзү күбө болуп жаткан абалда кулак салган киши үчүн эскертме-үлгүлөр бар»*** [50:37]

**24-робиус-саний, 1440-х.**

**14-декабрь, 2018-м.**

**Украина кризисинин акыйкаты, анын көлөмү жана мотивдери**

**Суроо:** *“Аль-Жазира” 2021-жылы 20-декабрда өз сайтында жарыялаган кабар: “Украина армиясы менен москвачыл жикчилдер ок атышып, натыйжада эки тараптан тең каза болгондор болду... Бул окуялар – Украинанын Улуттук коопсуздук жана коргоо кеңешинин катчысы Алексей Даниловдун айтуусунда – Россия тараптан ар кандай басып кирүүгө каршы, анын өлкөсү өлкө тарыхында биринчи жолу армиянын бардык мекемелери жана секторлору катыша турган деталдуу иш-аракеттер планын даярдаганын жарыялагандан бир күндөн кийин болду. Украина келерки январдын аягында кол салууга даярдануу үчүн анын чек араларына жакын жерде 100 миңге чейин аскер топтоду деп Россияны айыптады. Бирок, Россия Украинага басып кирүүнү пландаганын четке какты...”. (“Аль-Жазира”, 20.12.21).*

**Жооп:** Жооп ачык-айкын болушу үчүн ушуларды карап чыгуу керек:

1 - Падышалык Россия XVI кылымда Украинанын аймагын көзөмөлгө алган. Андан кийин Украинанын эли орустар менен бирге калган аймактарды колониялаштырууга катыша баштады жана башка элдерди колониялаштырууга жардам берди. Жада калса, колониядагы элдер орустар менен украиндерди айырмалай алышчу эмес, айрыкча экөө тең славян улутунан болгон. 1991-жылы СССР тарады. Андан кийин Украина 1991-жылы эгемендүүлүккө ээ болуп, ал Кара деңиздин түндүгүндө уникалдуу жайгашкан, 40 миллион калкы бар «Советтер Союзу» мейкиндигинде экинчи ири өлкө болуп калды. Украина Россиядан кем эмес өнөр жай түзүмү жана Советтик мурастын үчтөн бир бөлүгүн түзгөн өзөктүк арсенал менен калды. Бул абал Украинанын аймактык бүтүндүгүн жана көз карандысыздыгын сактоо боюнча АКШ-Россия убадасынын акысына – Украина-АКШ-Россия келишими боюнча – Украина андан ажыратылганга чейин болгон. Украина

“Советтик” Кара деңиз флоту боюнча Россия менен узак жана татаал сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп келген, бул флоттун көбү Россияга мураска калган жана ижара келишими боюнча Украина аймагында Крымдагы Севастополь портунда жайгаштырылган.

2 - Россиянын күчү Украина менен болгон ар бир жаңжалда Украинаны кайра өз колуна ала албай жаткан. Россия 90-жылдардын башында Кара деңиз флотун бөлүү маселесинде болсун, же Советтер Союзу Россиянын аймагынан Европага газ ташуу үчүн Украинанын ичинде курган узун жана кенен газ түтүктөрү маселесинде болсун, айырмасыз, Украинаны колго ала албай келет. Россиянын Кара деңиз аркылуу өткөн “Түрк агымы” же Балтика деңизи аркылуу Германияга өтүүчү “Түндүк агым” сыяктуу альтернативалык линияларга муктаждыгы да бул маселеден кийин пайда болгон. Россия базары Украинанын асыл жерлеринен чыгарылган кант жана майларга абдан муктаж болгон коммерциялык маселелерде, же мурдагы Советтик системадагы мамлекеттер үчүн Россия тарабынан түзүлгөн ар кандай уюмдарга Украинанын мүчө болушу жөнүндө маселелерде, же андан кийин Украинанын Европа Биримдигине жана НАТОго карата ориентациясынын пайда болушу маселесинде Россиянын Украина менен болгон бул чыр-чатактарынын баары – Россиянын аскердик артыкчылыгына карабастан – акыркы отуз жылдагы Украина үстүнөн үстөмдүгүн калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк берген жок...

3 - Украина Россиянын алдыңкы короосу. Россия үчүн Украина жайгашкан жери, улуттук өз ара көз карандылыгы, дини жана тарыхы боюнча арткы короосу катары эсептелген Борбор Азияга окшобойт. Украина Россиянын бет маңдайы жана анын эл аралык абалда алдыңкы бөлүгү. Украина Кара деңизге чыгат жана Россия тарых бою аннексиялап алган Кавказ ислам аймактарынын жогору жагын көзөмөлдөй алат. Россия Батыш менен болгон мамилесинин олку-солкулугу себебинен келип чыккан азык-түлүк маселесинде Россия өзүнүн азык-түлүк коопсуздугун коргогон негизги

продукцияларды Украинанын түшүмдүү жерлеринен таба алат. Россия Украина аркылуу газ түтүктөрү менен болобу, башка жол менен болобу, Чыгыш Европага чыгат. Баарынан маанилүүсү, Украина бүгүнкү күндө Россияга карата эки жолу баскынчылык кылган (Наполеон жана Гитлер) Европадан коркуу баскычында Россиянын тарыхый түйүнүн чечкен акыркы буфердик аймак экенин билдирет. Ал эми, Советтик мамлекеттин алсыздыгы Россияны Чыгыш Европадан буфердик аймак катары таштап кетүүгө аргасыз кылган болсо, Россия НАТОнун Чыгыш Европага илгерилешинин алдында жок дегенде коңшулары Украина менен Беларус аны НАТО коркунучтарынан обочолонтуп жана НАТО согуштук машинасын чыгышка карай илгерилетпей турган аймак катары камсыз кылуусун каалайт... Россия бүгүн Украинанын Түндүк Атлантикалык Келишим Уюмуна (НАТО) кирүүсүнө же аны колдоосуна жол бербөөнү каалайт. "Россия тышкы иштер министринин орун басары Сергей Рябков АКШнын Украинаны аскерий жактан колдоосун "Россиянын коопсуздугуна олуттуу чакырык" деп баалады". ("Аль-Айн Аль-Ахбария", 13.04.21).

4 - Батыш, өзгөчө Америка, орус саясатындагы бул Украина түйүнүнүн чындыгын түшүндү. Ал эми, Украина Россиянын эң алсыз тарабын көрсөтөт, айрыкча Украинада улутчулдук кыймылдар кайра жанданып жана анын Россияга душмандыгы тамыр жайгандан кийин. Ошондуктан, Украина жыйырма жылдан бери Америка жана Европанын Россия менен тирешүүсүнүн чордонуна айланды. 2014-жылы Украинанын орусчул президенти Януковичти кулаткан ыңкылаптан кийин Москва ошол эле жылы жооп кылып, түштүктөгү Крым жарым аралын Украинадан бөлүп, аралды стратегиялык жана эбегейсиз аскерий базалары менен өзүнө кошуп алган. Россия муну менен гана чектелип калган жок, балким, ал Украинадагы орус сепаратисттерди Украинанын чыгыш аймактарында тутандырып "Кичи Россия" деп атаган эки провинциянын (Донецк жана Луганск) эгемендүүлүгүн жарыялоого түрттү, аларга аскердик колдоо көрсөтүү.

Мунун баары Украинаны Батыштын кучагына түрттү. Ошондон кийин Украина Россиянын агрессиясынан коргойт деген үмүт менен НАТОго кирүүнү көшөрүп талап кыла баштады. Батыш аны өзүнө жакындатып, анын коргоочусу катары көрүндү. Украина өзгөчө Европа Биримдигине же НАТОго мүчө болбой жатып эле Россия менен болгон кризистер күчөгөндө Европа жана НАТО жыйындарына чакырыла баштады. Америка аны куралдантып, миллиарддаган долларлык аскердик жардам берип, эми армиясын машыктыра баштады...

5 - Россия Крымды аннексиялап алгандан бери Батыштын (Европа жана Америка) катаал санкцияларына кабылды. Россия анын ордун Кытай менен экономикалык алакасын арттыруу менен толтурууга аракет кылды. Мунай жана газ ташуу үчүн Кытайга куурларды төшөдү. Кытай товарларын Европага түз алып өтүү үчүн Кытайга кургактык коридорун (темир жол) ачты. Башкача айтканда, ал Кытайдын «Жибек жолу» улуу долбоору алкагында жардамдашты. Мындан тышкары, Россия өзүндөгү АКШ облигацияларын жана доллар запастарын азайта баштады жана негизинен соодада ири көлөмдө доллардан баш тарты. Россия Европа же Кытайдай соода алпы болбосо да, Америка Россия анын экономикалык гегемониясына каршы чыгып, ага башка өлкөлөрдү да доллардан баш тартууга тайманбай тукуруп жатканын көрдү. Бул нерсе россиялык коммерциялык келишимдердин көбү, айрыкча Кытай менен болгон соода долларга альтернатива катары жергиликтүү валюталарды кабыл алуу менен жүрүп жатканында ачык көрүнүп турат. Бул Америка үчүн коркунуч болуп эсептелет, буга жакында эле Россия газдын баасын көтөрдү деп айыпталып, Европа үчүн жаңы экономикалык дилеммага (карама-каршы оорчулукка) айланганы да кошумча болду.

6 - Россия Украинанын тарых, гегемония, экономика жана коопсуздук жагынан чоң көлөмдөрүн жана артыкчылыктарын эске алууда, башкача айтканда, НАТОнун буфердик аймагы катары кароодо. Ошондуктан, Россия

Украинаны кызыл сызык деп эсептейт. “Путин НАТОну Украинага өз күчтөрүн жана курал-жарактарын жайгаштырбоо тууралуу эскертип мындай деди: “НАТОнун Украинада аскерий инфраструктурасын кеңейтүү Россия үчүн кызыл сызык болуп саналат жана катуу жооп кайтарууга алып келет”. Бирок, АКШ президенти Жо Байден Украина боюнча эч бир тараптын кызыл сызыктарын сыйлабай турганын билдирди”. (“Нун пост”, 04.12.21). Россия азыркы Украина кризисин башкарып жатып Украинадан баш тартып, аны АКШ менен НАТОго калтыргысы келбейт, айрыкча Батыштын санкцияларына туруштук бергенден кийин. Мындан тышкары, Россия Американын бүгүнкү күндөгү негизги ташбиши Кытайга каршы туруу деп эсептейт. Башкача айтканда, Россия Америка Украинаны коргоо үчүн аны НАТОго мүчө кылууда Америка ресурстарынын керектелишинен келип чыккан оорчулуктан улам ал кадамга эч качан барбайт деп эсептейт. Анткени, бул нерсе Американын Ыраакы Чыгыштагы Кытайга каршы даярдыгын начарлатат... Ошондой эле, Россия аскердик жактан алсызыраак жана энергия менен камсыздоо маселесинде Россияга көбүрөөк көз каранды болгон Европаны баалабайт. Тактап айтканда, Россия Украинада ийгиликке жетүү үчүн эл аралык кырдаал ага ыңгайлуу деп эсептейт. Ошондуктан, Россия тышкы иштер министри Сергей Лавров америкалык кесиптеши Энтони Блинкенге Москва Түндүк Атлантикалык Келишим Уюмунун (НАТОнун) чыгышка кеңейүүсүн токтото турган узак мөөнөттүү коопсуздук кепилдиктерине муктаж экенин айтты... “бул императивдүү (аткарылууга тийиш) талап катары каралышы керек”, - деп кошумчалады”. (“Libyan Al-Wasat Gateway” кабар агентиги, 02.12.21).

7 - Украина кризисинин артында турган орус тараптын талаптарынын акыйкаты ушул. Россия Батыш Украинаны куралдантып жатат деп эсептейт жана Батыш Украинанын чыгышындагы орус жикчилдерин жок кылуу үчүн Украина армиясын күчөткөндөн кийин Украинаны ага түртүшү мүмкүн деп билет. Анан, андан ары Крымда да согушка түртүшү мүмкүн деп ойлойт.

Мунун баары Россия үчүн коркунучтуу. Бул тууралуу Россиянын Башкы штабынын башчысы Валерий Герасимов билдирди. “Украинаны учактар, дрондор жана тик учактар менен камсыз кылуу Киевди кооптуу кадамдарга түртөт... Бирок, Донбасстагы кырдаалды күч менен жөнгө салуу үчүн Киевдин ар кандай провокациялары ордунда басылат”. (“RT”, 09.12.21). Ошондуктан, азыркы кризис Россиянын биринчи максаты – Крым анын бир бөлүгү катары сакталып калышына шек жаралышын эмес, тескерисинче, бул эл аралык жактан Америка менен Европа тарабынан таанылышы менен ишке ашкан нерсе катары каалап жатканын көрсөтүүдө. Экинчи максат – Чыгыш Украина Украинанын бийлигинен бөлүнүп Россиянын бир бөлүгү катары калышы. Үчүнчү жана эң эффективдүү максат – Украинанын НАТОго кирүүсүн алдын алуу жана ал үчүн кепилдик алуу керек. Айрыкча, НАТО менен Украинанын Кара деңиздеги биргелешкен аскердик машыгууларынан кийин Россия президенти Владимир Путин “Түндүк Атлантикалык Келишим Уюму (НАТО) Кара деңизде жакында өткөргөн маневрлар ар кандай чектен чыкканын билдирди. Путин Батыш анын өлкөсүнүн эскертүүлөрүнө олуттуу маани бербей жатканын сезди. Россия президенти Москвада тышкы саясат өкүлдөрүнүн алдында сүйлөгөн сөзүндө НАТОнун стратегиялык бомбалоочу учактарынын анын өлкөсүнүн чек араларынан 20 чакырым алыстыкта учушу бардык уруксат берилген чектен чыкканын баса белгиледи. Ал: “Биздин Батыштагы өнөктөштөрүбүз Киевди заманбап куралдар менен камсыздоо жана чагымчыл аскердик машыгууларды өткөрүү менен кырдаалды курчутуп жатышат”, - деди. (“Аль-Жазира”, 11.18.21).

8 - Россия президенти Путиндин саммит өткөрүү талабына Байден жооп берди. Саммит 2021-жылы 7-декабрь күнү өттү жана Украина кризиси анын негизги темасы болду, бирок, бул жалгыз маселе эмес. Ал эми, саммит учурунда Россия Америкадан Украинада сызган кызыл сызыктарды таанууну суранганы көрүндү. Ошондой эле, Америка, эгер Россия Украинага кол салса, ага карата экономикалык санкцияларды эскертип жатканы да көрүндү.

Америкада мындан башка эч нерсе жок. АКШ президенти саммиттин эртеси Россия Украинага басып кирген учурда АКШнын аскерий кийлигишүүсү мүмкүн эмес экенин баса белгиледи. Саммитке чейин Америка көптөгөн аткаминерлеринин сөздөрү аркылуу Россияга буга чейин болуп көрбөгөн санкциялар киргизилип калуусу мүмкүн деп коркуткан. АКШ “Түндүк Агым” линиясы аркылуу Россия газынын Германияга өтүшүнө жол берилбестиги тууралуу да айтты. Америка бул жаатта Германия менен да өзүнчө сүйлөштү. Американын колундагы эң негизгиси нерсе – Россияны жана анын башкы банкын чет өлкөдөн акча которуу системасынан ажыратып салуу. Ал тургай, Россиянын соодасынын көп бөлүгү доллар менен жүргүзүлбөй калды.

9 - Талдоо аркылуу Россия өзүн кесепети өзүнө тийип кала турган кризиске киргизип жатканын көрүп жатабыз. Америка Украина президентин Россия Украинага басып кирүүдөн башка аргасы калбаган провокацияга түртүшү мүмкүн, анын натыйжасында ал Украина кагылыштарына аралашып, Европа менен аралашып кетет. Украина Америка аны коргошу керек болгон НАТОнун мүчөсү эмес. Ал эми, Россияката кетирип, Украинага басып кирсе, Америкага Европа өлкөлөрүн баш ийдирүүгө жана Россиянын агрессиясына каршы турууну шылтоолоп аларды Америка чапаны астына кайра алып келүүгө бардык негиздерди берет. Бул жагдай Россия үгүттөгөн эл аралык көп полярдуулукка (уюлдуулукка) туура келбейт. Россия көрбөгөн горизонт дагы бар. Россия Украинага басып кирген учурда Америка Россияга кысым көрсөтүү аркылуу Россия менен Кытайдын ортосунда пайда болгон союзду бузуу үчүн жаңы куралга ээ болот. Америка Украинага каршы агрессор болгон Россиядан алыс болуусу үчүн Кытай менен болгон соода аркылуу Кытайга кысым көрсөтүп, аны коркутуп-үркүтүшү мүмкүн: Кытай бул кысымга моюн сунуп, Россиядан алыс болсо, анда Америка чоң максатына жеткен болот. Россия Украинага баскынчылык кылгандан кийин түрдүү санкцияларга дуушар болуп, Украинадан чыгып

кетсе, Американын талаптары Украинанын чыгышына жетет, ал тургай, Крымга да жетип Россияны Украинага басып кирүүдөгү кандайдыр бир пайдалардан куру жалак калтырат. Тескерисинче, Россиянын башына кырсыктар келет. Бул Америка Чыгыш Европа өлкөлөрүн кыжырдантып, аларды Украинада Россияга сокку уруу үчүн эффективдүү жана таасирдүү аскердик колдоо көрсөтүүгө мажбурлашынан тышкары иштер. Мүмкүн Россиянын Ооганстандагы чарчаган тажрыйбасы эсибизден алыс эместир. Ушунун баары Россия Украинанын айланасында кооптуу оюнду ойноп жаткандыгын билдирет, бул Россия үчүн чоң тузакка айланып, анын кесепети өзүнө тийиши мүмкүн б.а. өзүнүн ишинин кесепеттерин түшүнбөгөн келесоо сыяктуу болот!

10 - Ал эми, кырдаал кайда баратат деген суроонун маселеси төмөнкүчө:

А - Европа өлкөлөрү кырдаалды жөнгө салууга жана Россиянын Украинага басып киришине жол бербөөнү көздөп жатышат. Ал Россия менен болгон мамилени оңдоп, анын тобокелдиктерин азайтууну жана Россиянын энергетикалык ресурстары Европага акылга сыярлык баада агымын улантууну каалайт. Франция, Германия жана Италия кризисти чечүү үчүн Россияны Украина менен сүйлөшүүгө чакырышууда. «Германия тышкы иштер министри Хайко Маас анын өлкөсү Россия менен мамилени жакшыртууну кааларын билдирди. Министр бул нерсеге жетишүү үчүн Донбасстагы жаңжалды жөнгө салууда прогресс керектигин баса белгиледи”. (“RT”, 23.11.21). Бирок, Британия өзү чыгып кеткен Евросоюзга саясий каршылык көрсөтүп, кырдаалды курчутууга аракет кылды! Британия армиясынын башкы штабынын башчысы, генерал Николас Картер бул жерде Кансыз согуштан берки ар кандай учурдагыдан да чоң коркунучтар бар экенин жана Батыш менен Россиянын ортосунда согуш чыгып кетишинен кабар берерин айтты. (“Аль-Жазира”, 13.11.21). “Ошондой эле ал: “Биз этият болушубуз керек. Аймакта чыр-чатактын чыгышы мүмкүн” - деп айтты. Генерал Ник Картер Би-Би-Сиге Россия менен согуш болбойт деп

үмүттөнөрүн айтты, бирок НАТО мындай мүмкүнчүлүккө даяр болушу керек деп кошумчалады”. (“BBC”, 05.12.21). Англиянын мындай билдирүүлөрү чыныгы согуш кабарына караганда алда канча тынчсыздандырат.

Б – Бирок, эң чечүүчү фактор – бул Американын позициясы. Анткени, ал Украина өкмөтүнүн көп тарабын көзөмөлдөйт. Ошон үчүн, Россия коопсуздук кепилдиги жөнүндөгү кайрылуу катын – башка өлкөлөргө эмес, балким НАТО союзундагы өлкөлөр Америка кадамдарын ээрчийт деген таризде – Америкага жөнөттү. Америка коопсуздук кепилдигине, өзгөчө Украинанын альянска кирүү маселесине жоопту создуктурду. Бул кечигүү Россияны тынчсыздандырды. “Москвада Россия тышкы иштер министринин орун басары Сергей Рябков АКШ Москванын сунуштарына тез арада жооп бериши керектигин, анткени кырдаал татаал жана курчуп кетиши мүмкүн экенин айтты...”. (“Аль-Жазира”, 20.12.21). Мына ушундай:

- Эгер, Америка Кытай боюнча Россия менен макулдашпай туруп, Россияга Украинада коопсуздук кепилдигин берүүнү чечсе, анда, бул кризисте Россия үстөмдүк кылган болот жана бул кепилдиктерди берүү Америка позициясынын алсыздыгын көрсөтөт, анткени Америка Россиянын кырдаалды солгундатуу талаптарына моюн сунуп, анын талаптарын уккан болот. Андай болушу күмөндүү, Россия Американын кызыкчылыгы үчүн Кытай менен болгон мамилесин солгундатуу аркылуу гана болушу басымдуу.

- Бирок, Америка Россияны аралаштырып, аны Украинадагы согушка түртүүнү чечсе, анда, Россия утулат же Америка планынын тузагына түшүп калат.

- Бул нерселер жөнүндө ой жүгүртсөк, жаңы жагдайлар жүз берип Россия жаңылышып согуш баштап жибермейинче Россия менен Украинанын ортосунда согуштун болушу күтүлбөйт! Согуш болушунун күтүлбөстүгү Украинанын чыгышында маал-маалы менен боло турган ок атышууларды жокко чыгарбайт...

Ошондой эле, Россиянын Кытай менен болгон мамилесин толук үзүшү да күтүлбөйт... Анын акысына Россия үч максатына жете албайт. Тескерисинче, капиталисттердин компромисс ыкмасына ылайык, Россиянын Кытай менен алакасын жумшартуу акысына Америка Россиянын үч максатына карата позициясын жумшартышы мүмкүн. Анан Россия Украина чек арасына чогулган аскерин артка кайтарып алган олжолосуна чектелет!

**22-декабрь, 2021-ж.**

## Россиянын Украинага бастырып кириши, мунун көлөмү жана акыбеттери

**Суроо:** *Бардык жагдайлар Украинадагы азыркы кризис Россия-Украина кризиси эмес, Россия менен Батыштын ортосундагы кризис экенин көрсөтүүдө. Кээ бирөөлөр муну 1939-жылда нацисттик Германия Экинчи дүйнөлүк согуш башталганга чейин алгач Чехословакияны бөлүктөргө бөлүп басып алып, кийин Польшага бастырып киргенине окшотушууда... Ушуга негизделип, Россиянын 2022-жылы 24-февралда баштаган, дагы эле уланып жаткан Украинага жасаган чабуулу дүйнөлүк согушка алып келиши мүмкүнбү? Америка жана Европа аскерий жактан аралашпастан жалаң гана санкцияларды киргизген Жоопу Россиянын чабуулуна каршы жетиштүү жооп болобу? Же муну менен алар Россияны Украина баткагына акырын батырышмакчыбы? Эгер, ошондой болсо, андан эмне көздөлгөн? Жооп үчүн алдын ала ыраазычылык билдиремин.*

**Жооп:** Бул суроолордун жообу айкын болушу үчүн ушуларды карап чыгабыз:

**Биринчи:** акыркы күндөрдө Россия президенти улуулук азгырыгына берилип кеткени анык көрүнүп калды. Путин азыркы эл аралык шартта Россия Америка менен бетме-бет тура алган улуу мамлекет катары эл аралык деңгээлин тикелей алат деп ойлоп жатат. Ошондуктан, ал Батыштын Россияга карата жагымсыз мамилесин, эл аралык маселелерде четке сүрүп жатканын жана НАТОнун Чыгышка кеңейишин кескин сындап жатат... Буга

кошумча, ал Польша жана Румыния сыяктуу 1997-жылдан кийин НАТОго кошулган Чыгыш Европа мамлекеттеринен Америка аскерий базаларын алып чыгууну талап кылууда. Кыскасы, Путиндин улуулук азгырыгына берилгендигин ушул нерселер көрсөтүп турат:

1 – Путин Франция, Германия жана Иран жетекчилерин, бир аз мурун Түркия президентин дипломатияга туура келбеген көрүнүштө кабыл алды. Айрымдары Россиянын жеңиш символдоруна толгон залдарда Путинди узак убакыт күтүп туурууга мажбур болду. Франция президенти Макрон Россия аэропортуна келгенде орус коопсуздук кызматы андан коронавируска тест тапшырууну талап кылды. Путин алардан алты метр алыс олтурду. Негизи, Путин ошол убакта анын кабыл алуусуна келген Казакстан жана Белорусия жетекчилерине андай мамиле кылбаган эле. О.э. Путин Германия канцлери менен өткөргөн пресс конференциядан кийин артына бурулуп, анын артынан ээрчүүгө канцлерге ишара кылды!

2 – Путиндин көз карашы боюнча Украина мамлекет деп саналбайт. Бул, анын билдирүүлөрүнөн ачык-айкын көрүнүп турат. Путиндин айтымында, Россия мамлекет куруу үчүн Украинага өз жеринен берип, ондогон жылдар 150 миллиард доллар менен колдоп келген. О.э. Путин Украина жетекчилери Киевдеги бийликти басып алышкан деп атады. Булардын бардыгы Путин Евразия регионунда Россиядан башкасын мамлекет катары көрбөстүгүн түшүндүрөт. Евразия региону жана ал жердеги Россиянын борбордук орду жөнүндөгү мындай назария Путинди 2022-жылдын башында Казакстанда жүз берген козголоңду бастыруу үчүн ЖККУ күчтөрүн тартууга үндөдү...

3 – Путин Европа коопсуздугу европалыктардын колунда болушу керек деген кээ бир Европа мамлекеттеринин, өзгөчө, Франциянын кескин сынына карабастан, Россиянын Европадагы коопсуздук кепилдиктерин Америкадан талап кылды. Путин муну менен бардык Европа мамлекеттери кемсинтилишине да көңүл бурбады. Анткени, Путин өзүн Европа

мамлекеттерине эмес, Америкага тең деп билет. Ошондуктан, ал Россияга сапар кылып ортомчу болууну сунуштаган Макронго Франция НАТОго жетекчилик кылбайт деп жооп берди...

**Экинчи:** Кремлдин билдирүүсүнө ылайык, Россия президенти Путин 2022-жылы 28-февралда франциялык кесиптеши Макрон менен өткөргөн телефон сүйлөшүүдө согушту токтотуу үчүн «Россиянын Крымдагы суверенитети таанылышын; Украина мамлекетинин куралсыздандырылышын; Украинанын нацизмден баш тартышын жана анын нейтралдык макамы кепилденишин» камтыган Россиянын шарттарын билдирген. («Франс Пресс», 2022-жыл, 28-февраль). Биз 2021-жылы 22-декабрдагы суроо-жоопто мындай дегенбиз: «Ошентип, азыркы кризис ушуну көрсөтүүдө: Россия биринчи кезекте Крым жарым аралы Россиянын курамында калары тууралында эч кандай күмөн калбашын жана бул нерсе Америка жана Европанын эл аралык моюнга алуусу негизинде ишке ашышын көздөп жатат. Экинчиден, Москва Украинанын чыгыш аймактары Киев бийлигинен эгемендүү болуп, Россиянын көзөмөлүндө калышын каалап жатат. Үчүнчү жана эң башкы максат – Россия Украинанын НАТОго кошулушун алдын алмакчы жана бул үчүн жазуу түрүндө кепилдиктерди талап кылып жатат». Россия коргоо министри Сергей Шойгу бул жөнүндө ушуларды баса белгиледи: «Россия куралдуу күчтөрү Украинадагы атайын аскерий операцияларды өз максатына жетишкенге чейин улантат. Батыш мамлекеттери НАТОго мүчө болбогон постсоветтик мамлекеттерде аскерий объектилерди курууну токтотушу керек. Бүткүл Батыш дүйнөсү Россияга каршы күрөштө Украина калкынан пайдаланууда. Биз үчүн эң маанилүүсү – Батыш мамлекеттери алып келген аскерий кооп-коркунучтан Россияны коргоо». («Анадолу», 2022-жыл, 1-март). Демек, бул кризис жакында жүзөгө келген эң ири дүйнөлүк кризистердин бири болуп, Россия менен Батыш ортосунда күчтүү карама-каршылыкты келтирип чыгарат. Ушул себептен улам, Россия өз максатына жетишмейин согушту токтотушу өтө кыйын,

мындай учурда анын жоготуулары үрөй учурган даражада болот... Батыштын бул шарттарды кабыл алышы да акылга сыйныс... Мындан улам, азыркы абал бул кризистин олуттуугун абдан курчутту, ал тургай, ядролук курал менен коркутууга чейин жетти. Россия президентинин маалымат катчысы Дмитрий Песков: «Президент Владимир Путин Россиянын стратегиялык «өзөктүк күчтөрүн» күжүрмөн даярдыкка өткөрүүгө буйрук берди», - деп билдирди. («ТАСС», 2022-жыл, 28-февраль). Буйрукта чабуул кылуучу эмес, коргоочу ядролук куралдар назарга алынган. «Стратегиялык өзөктүк күчтөр» экиге бөлүнөт: стратегиялык чабуул кылуучу күчтөр жана стратегиялык коргоочу күчтөрү. Россия коргоо министри: «Стратегиялык ракеталык күчтөр, Түндүк флот, Тынч океаны флоту жана стратегиялык авиация күжүрмөн абалга келтирилди», - деп кабарлады. («Новости», 2022-жыл, 28-февраль). Россия тышкы иштер министри Сергей Лавров: «НАТО мамлекеттери мажбурий коопсуздук кепилдиктерин мыйзамдуу түрдө сунушташы Россия үчүн өтө чоң мааниге ээ», - деп Россиянын талаптарын баса белгиледи. («ТАСС», 2022-жыл, 1-март). Ошондуктан, азыркы абалда Россия тарабынан өз максатынан чегинүү абалы байкала элек. Өткөн кылымдын сексенинчи жылдары афган мужахиддери Советтер Союзуна каршылык көрсөткөндөй, украиналыктар да Россияга күчтүү каршылык көрсөтүшсө жана каршылык көрсөтүүнү улантышса гана Россия өз максатынан чегинүүсү мүмкүн.

**Үчүнчү: Америка позициясы.**

Америка алдоо жана провокация менен Россияны Украина баткагына тартуу үчүн болгон күчүн жумшаганы көрүнүп турат:

1 – АКШ Россиянын коопсуздук кепилдиктери жөнүндөгү талаптарына жооп бербестен, аны Украинада туңгуюкка кептөөгө аракет кылды. Ошондуктан, АКШ Украина бийлигин Чыгыш Донбасс регионуна чабуул кылууга түртүп Россияны провокация кылууга үндөгөн болсо, башка тараптан билдирүүлөр аркылуу бул провокацияны дагы да күчөттү. Мисалы, Байден 2022-жылы 19-январда пресс конференцияда мындай деди: «(Путин)

жакын арада аракетке келет деп ойлоймун. Ал бирер нерсени кылышы керек. Эгер, Россия бастырып кире турган болсо, албетте жоопко тартылат. Биздин Жоопуз анын жасаган ишине карап белгиленет. Т.а. анын агрессиясы чектелген масштабда болсо, кеңири көлөмдүү агрессиядан айырмалуу түрдө төлөмү оор болбойт». («CNN», 2022-жыл, 20-январь). Бул жөнүндө Си-Эн-Эн телеканалына атын атабаган украиналык чиновник: «Байден Россия президенти Путинге Украинага кириши үчүн жашыл чырак жандырып берүүдө. Киев мындай билдирүүлөргө таң калды», - деди!

2 – Россия Украинага каршы аскерий операцияларды баштаганда АКШ жетекчиси Байден: «Куралдуу күчтөрүбүз Украинада Россия менен карама-каршылыкка кирбейт. Бирок, Чыгыштагы НАТО собздаштарыбызды албетте коргойбуз», - деп баса белгиледи. О.э. ал «Германияга 7000ге жакын америкалык аскерлерди жибererин» билдирди. Белгилүү болгондой, Кошмо Штаттар андан мурун Польша, Германия жана Румынияга 5000ге жакын америкалык аскерлерди жайгаштырган. Андан тышкары, Байден Россияга каршы санкциялар пакетин да жарыя кылды. О.э. ал: «Аскерлерибиз Европага Украинада согушуу үчүн эмес, НАТОдогу союздаштарыбызды коргоо, Чыгыштагы союздаштарыбызды тынчтандыруу үчүн баруруда», - деди. («Ал-Жазира», 2022-жыл, 24-февраль). Байден «Мамлекеттин абалы» жөнүндөгү жылдык кайрылуусунда: «АКШ күчтөрү Россияга каршы эч кандай согушка кирбейт. Бирок, орус кошуундарынын Батыш т.а. Европа мамлекеттери тарапка жылышына тоскоолдук кылып, НАТОго мүчө мамлекеттердин ар бир сөөм жерин коргойт», - деп баса белгиледи. («Ал-Жазира», 2022-жыл, 2-март). Ал Европа мамлекеттери жана Канада кылгандай, НАТО аба аймагы Россия самолёттору үчүн жабылганын билдирди. АКШ президенти бул билдирүүлөрү менен Россияны тукуруп, Украинада аскерий операция өткөрүүгө жана улантууга үндөдү. Мунун артынан НАТО билдирүүлөрү жаңырды. НАТОнын башкы катчысы Йенс Столтенберг 2022-жылы 1-март күнү Польша президенти менен борбор

Варшавада өткөргөн пресс конференцияда мындай деди: «НАТО бул күрөшкө катышпаса да, бирок, Украинага бардык түрдөгү асккерий жардамдарды көрсөтөт. Ал Украинага бир да аскер жибербейт. Себеби, НАТО коргонуу альянсы болуп, Россия менен согушууга аракет кылбайт. Биз Украинага мүмкүн болушунча жардам берүүгө аракет кылып жатабыз. НАТО союздаштары Россияга оор төлөмдү жүктөштү». («Анадолу», 2022-жыл, 1-март). Столтенберг так эле Американын көз карашын билдирди.

3 – Америка Россияга провокациялык мамиле кылып келди. Россия 2022-жылы 24-февраль күнү Женевада Лавров менен АКШнын мамлекеттик катчысы Блинкендин жолугушуусун күтүп жаткан. Блинкен болсо жолугушууну бекер кылды: «Москва Украинанын чыгышындагы эки жикчил аймактын көз карандысыздыгын таанып, аларга кошуун жибергенден кийин, кече, шейшемби күнү АКШ мамлекеттик катчысы Энтони Блинкен россиялык кесиптеши менен пландалган жолугушууну бекер кылганын билдирди». Блинкен Вашингтондо украиналык кесиптеши Дмитрий Кулеба менен өткөргөн пресс конференцияда мындай деди: «Биз агрессия башталганына жана Россия ар кандай дипломатиялык вариантты четке какканына күбө болуп турабыз. Ушул себептен улам, азыркы учурда жолугушуу өткөрүүнүн эч кандай мааниси калбады». («Ал-Баян» гезити, 2022-жыл 23-февраль). Бул билдирүүлөр жолугушууну бекер кылып, кийин Россияны провокация кылды. Андан кийин Америка тынымсыз, провокациялык түрдө Россиянын Украинага бастырып кирери тууралуу эскерте баштады. Негизи, Россия Украинага бастырып кирүү ниети жок экендигин айтып келген эле. Вашингтондун бардык билдирүлөрү провокациялык маанайда болуп, кудум Россияны Украинаны басып алууга үндөп жаткандай болду. Америка Украина НАТОго мүчө болбогондуктан ал жерде согушка кирбеши жөнүндө бир нече билдирүүлөрдү берип Россияны Украинага бастырып кирүүгө үндөп келди. Ошол эле убакта, Украинага

самолёттор жардамында күн сайын жаңы куралдарды, «Stinger» ракеталарын жана танкка каршы куралдарды жеткирип берүүнү тездетти!

4 – Кийин Америка разведка маалыматтарына негизделип Россиянын баскынчылыгы жакындашып калганы жөнүндө билдирүүлөрдү көбөйттү. Муну менен мамлекеттер аралык тынчсызданууну күчөтүп жиберди... АКШ президенти Байден, АКШ мамлекеттик катчысы, коргоо министри, маалымат кызматкерлери, ал тургай, Америка басма сөзүнүн билдирүүлөрүнүн таасири астында адамдар Россиянын баскынчылыгын саат сайын күтүп жатышты. Америка Украина менен жикчилдердин ортосундагы талаштуу Донбасс регионунда иш алып барган атайын Мониторинг миссиясындагы кызматкерлерин чыгарып кетүү менен Украинадагы согуш коркунучун дагы да күчөттү. Бул америкалык кызматкерлер Европада Коопсуздук Кызматташтык Уюмунда иш алып барышкан. Россия алардын алынып чыгышына катуу тынчсызданды. Ошондуктан, Россия тышкы иштер министрлигинин маалымат катчысы Захарова: «Айрым мамлекеттер «коопсуздук абалынын курчушу» деген шылтоо менен Украинадагы Европада Коопсуздук Кызматташтык Уюмунун атайын Мониторинг миссиясында иш алып барып жаткан кызматкерлерин алып чыгыптыр», - деди. Захарова мындай чечимдер Москваны олуттуу тынчсыздандырып жатканын кошумчалап: «Миссия Вашингтон тарабынан козутулган милитаристтик психозго атайылап тартылып, ыктымалдуу провокация үчүн каражат катары колдонулууда», - деп эскертти. («Sada El Balad», 2022-жыл, 13-февраль). Т.а. Россия АКШ 2015-жылдан бери тоңдурулуп келген Донбасстагы өтө назик чыр-чатакты козгомокчу болуп жатканын түшүнүп жеткен болушу мүмкүн.

5 – Америка Россияны провокация кылууну күчөтүшү анын башка бир билдирүүсү менен бир учурга туура келди. Кошмо Штаттар Россия тарабынан токтотулушу же Украина аркылуу өтө турган түтүктөргө согуш себептүү зыян жетиши күтүлүп жаткан Россия табигый газына жараша

Европа континентине газ жеткирүүнү дээрлик камсыздап койгонун билдирди. Бул болсо, Россиянын Европа базарынан куру калышын, Америка жана Катар газынан, азиялыктар өзгөчө, газ фьючерстерине ээ япониялыктар тарабынан бир нече альтернативалар майданга келип жатканын түшүндүрөт. Бул билдирүүлөр кыш аяктап, жаз жакындашып жатканы үчүн табигый газга болгон муктаждык бир аз азайган убакта жарыяланды. Кийин Россиянын Ыраакы Чыгышында өтө кооптуу окуяларга күбө болдук. Россия коргоо министрлиги Курил аралдарына жакын жайгашкан Россия аймактык сууларына АКШ аскерий-деңиз күчтөрүнө караштуу суу астыдагы кеме киргенин, ал Россиянын эскертүүлөрүнө көңүл бурбаганын, Россия кемени артына кайтаруу үчүн кескин аракеттерди жасаганын о.э суу астындагы кемени Россия аймактык сууларынан чыгаруу үчүн жасалган аракеттер үч саатка созулганын билдирди. Белгилүү болгондой, Курил аралдары Экинчи дүйнөлүк согуш учурунда Россия тарабынан басып алынган Япония аралдары болуп эсептелет. Япония бул аралдарды дагы эле талап кылып келет. Россия Япониянын талаптарына жооп бербегени үчүн Токио 1945-жылдан бери ок атууну токтотуу боюнча Россия менен эч кандай келишимге кол койбогон. Башкача айтканда, Япония 1945-жылдан бери Россия менен расмий түрдө согуш абалында. Бул болсо, Россиянын Америка Японияны Курил аралдарын басып алууга үндөшү мүмкүнбү деген тынчсызданууулары күчөгөнүн түшүндүрөт.

6 – Ошентип, Россияны Украина баткагына батыруу үчүн провокация жана курчутуу иштери баскычма-бачкыч алып барылууда. Америка провокациялары менен бирге Британиянын провокациялары да уланууда. Бул провокацияга Германиянын «Түндүк Агым 2» долбоорун токтотуу менен Европа да кошулду. Чындыгында, Америка Россияны Украина согушунда тынымсыз тукуруп туруууда. Ошондуктан, санкциялар менен эле чектелип, Россияга түздөн-түз коркунуч туудурбай жатат. Ушул себептен улам, АКШ мамлекеттик катчысы Блинкен Россиянын аскерий

даярдыгын «Украинадагы ийгиликтүү чабуулга даярдык» деп атады! Башка тараптан болсо, Украинанын НАТОго мүчө болуу жана Батыштан курал-жарак алуу талаптары күчөп жатат. Бул болсо, Россия үчүн бир катар коопкоркунучтарды жаратып, дагы да курчутуп жатат. Ушул себептен улам, Россия үчүн Украина жаатындагы коопсуздук тынчсызданууларын чечүүнүн жалгыз жолу баскынчылык, согуш жана баткакка батуу болуп калганга чейин бул абал ушундай турат. Россия үчүн Украинаны капкан кылган Америка мына ушул нерсени каалайт. Чамасы, Россия өзүнүн акмак планынын тузагына түшүп калгандан кийин, андан оңойлук менен чыга албай турган көрүнөт!

**Төртүнчү: Европа позициясы.**

2022-жылы 22-февралда Европа Союзунун жогорку өкүлү Жозеп Боррель Россия Донецк жана Луганск республикаларын тааныган күн Европа үчүн кара күн болгонун айтты. Бир нече күн мурун Британия премьер-министри Жонсон мындай деген: «Биз Россия менен жаңы стратегиялык атаандашууга кирдик. Бул доор ал тургай толук бир урпак-муунду да камтышы мүмкүн. Булардын баары бардык ыктымалдар эшигин ачат. Ядролук коркутуулар да четте калбайт».

Ушуга карабастан, Европа абалды жумшартууга жана Россия менен келишүүгө аракет кылды. Франция жана Германия жетекчилери Россия менен тынымсыз байланышта болду. Мисалы, Франция президенти Макрон Москвага сапар кылды. Кийин Путин менен бир нече ирет телефон аркылуу байланышты. Алардын акыркы сүйлөшүүсү Россия Украинада аскерий операция баштагандан кийин болду. Елисей сарайы билдиришинче, Макрон «Телефон сүйлөшүүдө Россиянын Украинага жасаган чабуулун токтотуу жөнүндөгү эл аралык коомчулуктун талабын бир нече ирет айтып, тезинен ишке ашыруу зарылдыгын баса белгилеген. О.э. Макрон Путинди катардагы элге жана турак-жайларга жасалып жаткан чабуулдарды токтотууга, жарандык инфраструктураны сактоого жана бардык жолдор, трассалар,

өзгөчө, Киевдин түштүгүндөгү жолдордун коопсуздугун камсыздоого чакырган». («Франс Пресс», 2022-жыл, 28-февраль). Германия канцлери Олаф Шольц Москвага барып, Путин менен абалды талкуулады жана ошол жерде мындай деди: «Биз, немистер, ал тургай, бүткүл европалыктар Россияга каршы туруу менен коопсуздук жана туруктуулукка жетишип болбостугуна жана Россия менен биргеликте гана жетишүү мүмкүн экендигине шектенбейбиз... Биз Европадагы кризисти чечүү мүмкүнчүлүктөрү дагы эле бар экени жөнүндө Россия президенти менен келишип алдык». («RT Arabic», 2022-жыл, 15-февраль). Ага карабастан, Европа АКШ каалагандай Украина кризисине тартылды. Ушул себептен улам, Европа Украинаны толук колдоп-кубаттарын, аскерий техника жана заманбап куралдар менен ага жардам көрсөтүүнү ачык айтууга мажбур болду. Ушул таризде, Европа Россияга түрдүү тармакта санкцияларды киргизип, Россияга каршы кошуун киргизбестен кеңири көлөмдүү согуш баштады. Германия канцлери Олаф Шольц 2022-жылы 26-февралда Твиттердеги баракчасында мындай деди: «Россиянын Украинага каршы агрессиясы бурулуш чекити болуп, Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин жүзөгө келген абалга коркунуч салууда... Мындай абалда биз Путиндин маанисиз баскынчылыгына каршы туруудa Украинага колдон келген жардамыбызды беришибиз керек». Ошондон кийин Германия Украинага 1000 даана танкка каршы курал жана 500 даана «Stinger» ракеталарын жиберүүгө чечим кылды. Шольц парламентте мындай деди: «Украина баскынчылыгынан кийин биз жаңы доорго кирдик. Бүгүндөн тартып Германия жыл сайын ички дүң продукциянын 2 пайыздан көбүрөөгүн коргоо тармагына бөлөт. Бул жылы аскерий техникага 100 миллиард евро сарптайт. Максат – бизди ишеничтүү коргой ала турган кубаттуу, заманбап жана алдыңкы армияга ээ болуу». («Франс Пресс», 2022-жыл, 27-февраль). Россиянын аскерий операциясы башталгандан кийин Шольц Балтика деңизи аркылуу Россиядан Германияга өткөн «Түндүк Агым 2» газ түтүгүндөгү иштер токтотулганын билдирди.

Европа Союзунун тышкы иштер жана коопсуздук саясаты боюнча жогорку өкүлү Жозеп Боррель 2022-жылы 27-февралда мындай деди: «Европа Союзу Украинага 450 миллион евролук курал-жарак жана 50 миллион евролук коргонуу каражаттарын камтыган аскердик жардам көрсөтүүгө токтом кылды. Бул «Европа Тынчтык фонду» жана «Өкмөттөр аралык Фонд» тарабынан каржыланат». («Анадолу», 2022-жыл, 28-февраль). Европа кеңешинин төрагасы Шарль Мишель Европа Союзунун Брюсселде өткөн кезексиз жыйынында: «Бул санкциялар бизге да таасир кылат. Бирок, бул, эркиндигибизди коргоого арзыйт», - деди. Европа Союзунун тышкы иштер боюнча өкүлү Жозеп Боррель мындай деди: «Биз Европанын жаңы пайда болгон геосаясий түзүлүшүнө күбө болуп жатабыз. Бүгүн Европа туш болуп жаткан кырсык Европаны болуп көрбөгөндөй биригүүгө жана кызматташууга үндөйт». Европа комиссиясынын төрагасы Урсула фон дер Ляйен мындай деди: «Европанын тагдыры Украина согушу учурунда коркунуч астында калды». («Ал-Жазира», 2022-жыл, 1-март).

Ошентип, Европанын Украина согушуна тартылганын көрүп турабыз. Бул согуш Европанын Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки тынчтык абалын талкалап, Россиянын коркунучуна кептеди. Газ жана нефть сыяктуу энергия булактарын колдон чыгаргандан кийинки чоң экономикалык жоготууларды айтпасак да болот. Белгилүү болгондой, Европа Союзу табигый газдын болжол менен 40 пайызын жана нефтинин 27 пайызын Россиядан алат. Америка болсо жогору баадагы жана сапаты төмөн газына Европаны көз каранды кылууну каалап жатат. «Түндүк Агым 2» линиясы Европанын тышкы талабынын үчтөн бир бөлүгүн Америка газынан 25% арзан баада камсыздамак. Путин Германия канцлери менен өткөргөн биргелешкен пресс конференцияда мындай деди: «Немис керектөөчүсү – өнөр ждай тармагындагы керектөөчү болобу, же турмуш-тиричиликтеги керектөөчү болобу – Россия газын (азыркы баадан) беш эсе арзан баада алат. Немис жараны өз капчыгын текшерип көрүп, газды 3-5 эсе кымбат баада алууга

даярды же жокпу, ойлонуп көрсүн... Ошондуктан, «Түндүк Агым 1» долбоорун колдогон Германиянын мурунку канцлери Шрёдерге рахмат айтышы керек. Германия «Түндүк Агым 1» аркылуу 55 миллиард куб метрге жакын газ алып жатат жана бул газ узак мөөнөттүү келишимдер негизинде жеткирилип берилүүдө». («RT Arabic», 2022-жыл, 15-февраль). Путин баса белгилешинче, Германия Россия базарынын 60 пайызын түзөт. Путин бул сөздөрдү Европаны Россия менен кызматташууга жана Америка тарабында турбоого үндөө о.э. Россия Европа тараптан коопсуздукту сезип, ага чабуул кылбастыгына ишендирүү үчүн айтты.

**Бешинчи: Кытай позициясы.**

Кытай бул маселеде Россияга кыйла жакындашты. Кытай Батыш мамлекеттери Россиянын коопсуздук талаптарын олуттуу кабыл алышы керектигин айтып, Россияны колдоп-кубаттады. Путин Украина маселеси боюнча эл аралык колдоо табуу үчүн (кышкы олимпиада оюндары убагында) Пекинге барып, 2022-жылы 2-февралда Кытай жетекчиси менен жолугушту. Кытай эки мамлекеттин жетекчилери ортосунда кол коюлган биргелешкен билдирүүдө Украинанын НАТОго мүчө болушуна каршы экенин билдирди. Россия менен Кытай Америка гегемондугуна каршы бирдей позицияда экендиктерин билдиришти о.э. көп полярдуулукка чакырып, эл аралык мамилелерде жаңы доор башталганын баса белгилешти. О.э. Россия газына жана нефтисине инвестиция жаткыруу жана өз ара товар айырбаштоо көлөмүн жылына 200 миллиардга жеткирүү боюнча ири келишимдер түзүлдү. Ушуга карабастан, чамасы, Кытай Тайванды аннексия кылуу үчүн дал ушундай кадам таштоо маселесинде Россиянын Украинадагы иштери кандай даражага жетип барышын күтүп жаткандай көрүнөт. Учурда Твиттердин Кытай сигментинде «Тайванды кайтарып алуунун ыңгайлуу учуру» деген сөздөр жайыла баштады. Кытай Тайванды күч менен басып ала турган болсо ушундай мамилеге туш келбөө үчүн Россияга каршы санкцияларга каршы чыкты. Бирок, Кытай Россия агрессиясын каралаган

резолюция долбооруна вето коюудан өзүн тыйды. Ал Батыш мамлекеттеринин ага каршы чабуулунан сактануу үчүн добуш бербөөнү тандады. Ошентип, Кытай Россияны каралаган резолюция долбооруна вето коюу укугунан пайдаланбоо менен Россияны колдобогондой болуп көрүндү. Белгилүү болгондой, Кытай Россиянын Украинадагы агрессиясын сындабастан, бул үчүн Американы айыптады. Бирок, ал туруктуулук жана аймактык бүтүндүк багыттарын урматтарын билдирди. Бул жөнүндө Кытай тышкы иштер министри Ван И украиналык кесиптеши менен өткөргөн сүйлөшүүдө мындай деди: «Азыркы кризиске келсек, Кытай тарап Украина менен Россияны сүйлөшүүлөр аркылуу кризисти чечүү жолун табууга чакырат о.э. абалды саясий жактан тартипке салууга багытталган бардык эл аралык аракеттерди колдойт». («ТАСС», 2022-жыл, 1-март). Кытай тышкы иштер министри анын өлкөсү санкцияларга каршы экенин билдирди: «Кытай проблемаларды чечүүнүн каражаты катары санкциялардан пайдаланууну колдоп-кубаттабай эле калбастан, эл аралык укук нормаларга туура келбеген бир тараптуу санкцияларга кескин каршы чыгат». («ТАСС», 2022-жыл, 27-февраль).

**Алтынчы: Тыянак.**

1 – Америка Россияны Украинага толук же жарым-жартылай бастырып кирүүгө тартуу аркылуу «ийгиликке жетишти». Бул Россияны жергиликтүү кризистерге о.э. саясий, экономикалык жана ыктымалдуу аскерий силкинүүлөргө дуушар кылат... Бул абал – Россия Украинанын чыгышын гана басып алабы, же Украинаны толук же бир бөлүгүн басып алабы, айырмасыз – узакка жылдарга созулат. Андан тышкары, Путиндин бийликте калышына таасир кылышы да ыктымалдан алыс эмес.

2 – Россиянын эл аралык деңгээли – эгер толук кулап кетпесе – бул силкинүүлөрдөн таасирлениши анык! Себеби, Россиянын суверендүү мамлекетке чабуул кылып жатканы туурасында АКШ жана Европа басымы астында Россияга каршы эл аралык кампания башталып, өтө кеңейип кетти.

Бирок, Америка жана Европа Азия жана Африкадагы өтө көп суверендүү мамлекеттерге жасаган чабуулдарын унутушту же өздөрүн унутканга салышты. Негизи, ушул бардык мамлекеттердин т.а. Россия, Америка жана Европанын заты бир болуп, алардын назарында адам өмүрүнүн эч канда кадыры жок!

3 – Эми, суроонун башында келгендей, 1939-жылы нацисттик Германиянын Чехословакияга чабуул кылып, аны бөлүктөргө бөлүп, басып алышы артынан Экинчи дүйнөлүк согуш башталгандай, бул чабуулдар да Үчүнчү дүйнөлүк согушка алып келиши жөнүндөгү маселеге келсек, бул жерде абал бир аз башкача... Үчүнчү дүйнөлүк согушта ядролук согуш четте калбайт. Себеби, бул мамлекеттердин баары ядролук куралга ээ. Алар ядролук курал башкаларды ойрон кылганы үчүн эмес, өздөрүнө да колдонулушу мүмкүн болгону үчүн аны пайдалануудан мурда миң ирет ойлонушат. Бул мамлекеттер үчүн башкалардын эч кандай кадыры жок, негизги максаты – өздөрүнө зыян жетсе да өз кызыкчылыктарынын ишке ашыруу! «Ал-Жазира» телеканалы 2022-жылы 2-мартта Россия тышкы иштер министри Сергей Лавровдун интервьюсун жарыялады: «Лавров Үчүнчү дүйнөлүк согуштун коркунучу жөнүндөгү суроого жооп берип: «Коопсуздук Кеңешинин туруктуу мүчөлөрү болгон беш мамлекеттин жетекчилери дүйнөлүк согушка жол бербөө жөнүндө декларацияга кол коюшкан. Себеби, дүйнөлүк согуш ядролук согуш болот жана анда жеңүүчү болбойт», - деди. Муну менен Лавров АКШ президенти Жо Байдендин Россияга каршы санкциялар Үчүнчү дүйнөлүк согуштун ордун басуучу жалгыз чара деп айткан сөздөрүнө ишара кылды». Ушул сөздөрдү айткан Лавровдун мамлекети – зыян ага эмес, башкаларга жетсе – атомдук станцияны бомбалоодон да баш тартпады. «Ал-Жазира» ошол күнү ушул кабарды жарыялады: «Эң мааниге ээ окуя Запорожьедеги атомдук электр станциясындагы окуя болду... Украина тарап атомдук станцияны Россия бомбалашы натыйжасында өрт чыкканын, кийинчерээк бул өрт көзөмөлгө

алынганын билдирди. Украинанын версиясына ылайык, бул окуяда атомдук станциянын жумушчулары арасында курман болгондор болду. Бирок, Россия коргоо министрлиги Украина күчтөрүн айыптады». («Ал-Жазира», 2022-жыл, 4-март).

4 – Бул – бүгүнкү күндө дүйнөдөгү эң ири мамлекеттер. Алар кудум токой жырткычтарына окшойт. Күчтүүлөрү алсыздарын жейт, алсыздар жардамга чакырса жардам берүүчү болбойт... Тарых кайталанууда. Азыркы ири мамлекеттер ортосундагы күрөш кечеги фарстар менен румдуктардын ортосундагы күрөштү кайталоодо. Бул абалдын башы эмне менен оңдолгон болсо, акыры да ошол нерсе менен т.а. Аллах түшүргөн өкүмдөр менен өкүм жүргүзүү жана Аллахтын жолунда жихад кылуу менен оңдолот. Мына ошондо күчсүз корголуп, мазлумга адилеттик кылынат. Муну менен Расулуллах ﷺ:

«ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ»

**«... Кийин Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот»,** деген башараты жүзөгө чыгып, Халифалык мамлекети тикеленет. Абу Бакр розияллоху анху айткандай, Халифалыкта күчтүүлөр алардан алсыздардын акысы алынмайынча күчсүз болот. «Канзул уммал ва сунанил аквал вал афъал» китебинде Абдуллах ибн Аким мындай риваят кылат: Абу Бакр байъат алган соң, Расулуллах ﷺдын минбарына чыкты. Ал Набий ﷺдын ордунан бир тепкич ылдый түшүп, Аллахка мактоолор айтты, кийин мындай деди: **«... Силердин эң күчтүүңөр – андан алсыздын акысын алып бермейимче – менин назарымда эң алсыз. Силердин эң алсызыңар – ага акысын алып берейимче – менин назарында күчтүү».**

Дарул Исламда изгилик жана береке-жакшылык мына ушундай жайылат.

***«Ошол күндө момундар Аллахтын нусраты себептүү шаттанышат.*** *(Аллах)* ***Өзү каалаган кишисине нусрат берет. Ал кудурет жана ырайым ээси»*** [30:4-5]

**1-шаъбан, 1443-х.**

**4-март, 2022-м.**

## ОРУСИЯНЫН УКРАИНА СОГУШУНДАГЫ АКЫБЕТТЕРИ

Украина күчтөрү ишемби күнү аймактагы Орусия аскерлерин курчоого алгандан кийин Донецк облусундагы Лиман шаарына кирип келишти. Бул тууралуу украин куралдуу күчтөрүнүн өкүлү билдирди (“France 24” 10.01.2022).

Шаршемби күнү Украинадагы согуш талаасында олуттуу ийгиликсиздиктен кийин Россиянын президенти Путин Экинчи дүйнөлүк согуштан бери биринчи жолу мобилизация тууралуу буйрук чыгарды. (“Евроньюс” 21.09.2022). Булардын баары Украинанын контрчабуулдарынын жүрүшүндө Россия тарабынан басып алынган ири аймактарды кайтарып алдгандан кийин болду. “Украинанын Коргоо министринин орун басары жекшемби күнү “Аль-Хурра” каналына берген интервьюсунда, Украина чыгыш аймагында Орусия басып алган 10 миң чарчы чакырым жерди кайтарып алганын айтты. Ал Киев Батыш өлкөлөрүнөн чоң колдоо тапканын жана муну менен чыгыштагы контрчабуулда ийгиликке жетишкенин белгиледи (“Аль Балад” 18.09.2022).

***Суроо:*** *Орусия чындап эле аскердик жактан алсызбы? Же Батыштын курал-жарак жардамдары кескин түрдө көбөйгөнүнө байланыштуубу? Россиядагы жарым-жартылай мобилизация жарыясы абалды өзгөртөбү? Орусия Украинанын төрт облусун кошуп алгандан кийин эртеси күнү эле Украина Лиманды кайтарып алды. Орусия Украинанын төрт аймагын аннексия кылып алуусунун мааниси кандай болду? Орусия аннексиялап алган аймактардан баш тартуусу мүмкүнбү?*

**Жооп:** Болуп жаткан окуялардын көлөмүн жана акыбеттерин жаркын түшүнүү үчүн чоң согуштар – күчтөрдүн тең салмактуулугун өзгөртүүдөгү эң тез жана ишенимдүү жолу экенин эске алуу керек. Тарыхта да ушундай

болуп келген. Украинадагы согуштун жүрүшүн күзөтсөк, төмөнкүлөр айкын болот:

1- Орусия Украинадагы согушту Донбасстагы орус тилдүүлөрдү коргоо үчүн эле баштаган жок. Ал Орусиянын эл аралык позициясын бекемдөө үчүн бул согушту тутандырды. Украинага кирүү астында Орусия Европадан, Америкадан жана НАТОдон коопсуздук кепилдигин талап кылган. О.э Украинаны НАТОго мүчө кылуу оюнан баш тартууга чакырган. Орусия бул максаттарын айтып жатканда, Батыштын Орусияга карата адилетсиз мамилесин эске салып турду. Анткени, мындай мамиле анын эл аралык өзөктүк куралга ээ держава катары статусуна тескери келет деп ойлоду. Ушул мaанидеги сөздөр Москванын согушка чейинки бардык билдирүүлөрүндө ачык эле көрүнүп турат. О.э. Москва бул кепилдиктерди Америка жана Батыш тарабынан жазуу түрүндө берилишин талап кылды. Ошондуктан, Америка анын артынан Европа Орусиянын чабуулун аймактык келишпестик же Украинадагы орус тектүүлөрдү коргоосу катары кабыл алган жок. Тескерисинче, эл аралык системага каршы көтөрүлүш катары мамиле кылды. Батыштын мындай мамилеси 2014-жылы Орусия Крымды аннексиялап алгандагы мамилесинен бүтүндөй айырмаланат. Башкача айтканда, бул окуя ири мамлекеттин Америка баштаган Батыштын эл аралык түзүмүнө каршы күрөшү катары кабыл алынды.

2- Америка менен Европанын жообу катуу болду. Саясий келесоолугу менен мактанган Орусияга бул күтүүсүз болду. Америка менен Европа Россияга каршы тарыхтагы эң катаал санкцияларды киргизишти, чет өлкөлөрдөгү каражатын тоңдурду. Европа өлкөлөрү Орусиянын мунай жана газына болгон үлкөн муктаждыгына карабастан аны менен байланыштарын үздү. Европа, өзгөчө Германия кайрадан куралданып, Америка менен бирге Украинага массалык аскердик колдоо көрсөтө баштады. Россия-Украина согушунда Америка Батышка лидерлик кылып жатканы талашсыз. АКШнын мурдагы президенти Трамптын тушунда дүйнө Американын лидерлигине

күмөн санай баштаган. Украина согушу.Американын союздаштары менен болгон мамилелериндеги көптөгөн боштуктарды толтурду.

Россияны согушка түрткөн аскердик кубатынын акыйкаты согуштун башталышында бүгүнкү күндөгүдөй айкын болгон эмес. Ошондуктан, Америка Украинага аскерий жардамды баскычма-баскыч көрсөтүп келди. Ал Москванын буга болгон реакциясын байкап турду. Убакыттын өтүшү менен орустун кызыл сызыктары биринин артынан бири өчө баштады. Ошентип, Америка жана анын союздаштары Орусиянын кызыл сызыктарын ачык эле тебелей баштады. Ал эми, Орусия буга каршы жооп кыла албады. Натыйжада, Батыш Украинага аскердик жардамдын түрүн көрсөтө баштады. Алгач, бул жардамдар коргонууга багытталган куралдар менен чектелген. Кийин чабуулга өтө турган аскердик жардамдарды сан жана сапат жагынан көбөйтө баштады. Алгач Америка Украинанын Крымга сокку уруусуна батынбай келсе, азыр буга шыкак берүүдө.

3-Россия өзүнүн стратегиялык келесоолугу айынан Украина жерлерин басып ала баштады. Ал эми, Украина үстүнөн аскерий артыкчылыгын сезүүсү ойлонбой борбор калаа Киевге чабуул жасоого түрттү. Бирок, көп өтпөй Орусия планы сынды жана Донбасска чегинди. Бул чегинүү Орус армиясынын абдан алсыздыгын көрсөттү. Орусия Украина аба мейкиндигин көзөмөлдөй албады жана алдыңкы саптагы күчтөрүнө логистикалык колдоо көрсөтө алган жок. Буга кошумча, Украинанын каршылыгы күтүүсүз болуп, анын чалгындоосу берген маалыматка тескери чыкты. Ошентип, айбатуу делген орус армиясынын алсыздыгы ачыкталды. Бул өз кезегинде Вашингтонго Орусиянын Украинада жеңилүү үмүтүн берди. Орус президенти Путиндин орус армиясынын кубаты тууралуу айткандары анын согуш талаасындагы кубатына шайкеш келбегени белгилүү болду. Мындай абалдан кийин согуш башталганда чыгып кеткен чет элдик дипломаттар Киевге биринин артынан экинчиси кайтып келишти.

4-Америка Украинага аскердик жардам көрсөтүү максаттарын жарыялай баштады. Анын максаттарынын жарыяланышы Москваны дендароо кылды. Америка спутник аркылуу чалгындоо маалыматтарын чогултуп, Украинага аскердик кеңештерди берди. АКШ армиясынын башкы штаб жетекчиси украиналык кесиптешине жумасына жети жолу телефон аркылуу байланышып жатканын билдирди. (“Аль-Жазира” 2022-жыл сентябрь). Бул Америка Украинадагы согушту өзүнүкү деп эсептерин, бирок ага түздөн-түз катышпай жатканын билдирет. АКШ Украинага жума сайын миллиарддаган долларлык кошумча аскерий жардам берерин жарыялап жатат. Башкача айтканда Америка Орусияны Украинада жеңип, аны ири мамлекеттердин тизмесинен чыгарууга ишенүүдө. Муну Россия азыр түшүнүп жатат, бирок кеч болуп калды!

5- Россиянын стратегиялык алсыздыгын көрсөткөн дагы бир тарап, анын 6 айлык согуш учурунда Европага орус мунай жана газын жеткирүүсү. Башкача айтканда, күнү-түнү аны душмандыгын жарыялаган өлкөлөргө мунай менен газды токтотуу демилгесин көтөргөн жок. А түгүл, Европа орус мунай-газынан баш тартаарын айтып жатса да токтото албады. Бул анын экономикасы Батыштын санкцияларынан жабыркабаганын жана рублдин санкцияларга туруштук берерин айтып мактанганына карабай акчага абдан муктаждыгын көрсөтөт. Ооба, Орусия 2022-жылдын сентябрынын башында “Түндүк Агым – 1” газ куурун авария болгонго чейин жапты. Бирок, бул чечим өтө кеч кабыл алынды. Ал өзүн дагы деле ишенимдүү энергия берүүчү деп жарыялап жатат. Экинчи жагынан Европаны газ менен камсыз кылуучу башка линиялар дагы деле иштеп жатат. Мисалы, Польшадан өтүүчү «Ямал», Украинаны кесип өткөн «Прогресс» жана «Союз» линиялары жана Түркиядан өтүүчү «Түрк агымы» линиялары Польша жана Украина тарабынан кесилген болсо дагы Европаны газ менен камсыз кылуусун улантууда. Бул Орусиянын акчага болгон муктаждыгын көрсөтүүдө жана

анын согушка чейинки эл аралык позициясын бекемдөө аракетине карама-каршы келет.

6- Орусияны сентябрь айында Шанхай кызматташтык уюмунун лидерлери чогулган Самарканд саммитиндеги Кытайдын позициясы таң калтырды. Орус президенти Украинадагы согушка байланыштуу Кытайдын тынчсыздануусун туура түшүнөрүн билдирди. Путин Украинадагы согуш башталгандагы кытайлык кесиптешинин Украина кризиси боюнча “тең салмактуу” позициясын сыйлай турганын айткан («AL Jazeera Net” 15.09.2022). Демек, Орусия согушка чейинки Кытай менен “түбөлүк достук” мамилеси “бейтарап” позицияга өзгөргөнүн аңдап жетти. Б.а. Кытай Орусия менен да, Украина менен да, Батыш менен да эмес экенин аңдады. А түгүл, Кытай президенти ШКУ саммитинде Орусия менен болгон биргелешкен билдирүүсүндө “Украина” сөзүн атагандан да карманып, кыйытып эле өттү. Бул Америка Кытайды Украинадагы согушта Орусияга кандайдыр бир колдоо көрсөтүүсү коркунучтуу кесепеттерге алып келеринен эскерте алганын билдирет. Албетте, Кытай баарынан мурун эл аралык соодасына жете турган коркунучтардан тынчсызданат. Ошондуктан, ал Украинанын төрт аймагын аннексиясына каршы Коопсуздук кеңешинин резолюциясында Орусияны колдогон жок. “Орусия жума күнү БУУнун Коопсуздук Кеңешинде Украинанын төрт аймагын аннексиялоосун айыптаган резолюция долбоорунун кабыл алынышына жол бербөө үчүн вето укугунан пайдаланды. АКШ жана Албания тарабынан даярдалган резолюциянын долбоорун он мүчө мамлекет колдоду. Ал эми, Кытай, Индия, Бразилия жана Габон мамлекеттери добуш беришкен жок (“France 24” 01.10.2022).

7- Жогоруда айтылгандардын баарын эске алганда, Орусиянын Украинага кол салуусу ийгиликсиз болду. Анткени, Украина аскердик алсыздыгын көргөндүктөн, Орусия шарттарына багынган жок. О.э. Америка менен Батыштан Украинага сапаттуу жана ири көлөмдө аскердик колдоо көрсөтүлүп жатат. Алардын айрымдары ачыкэле берилсе, айрымдары

жашыруун ташылууда. Орусия мындай абалды согушка чейин күтпөгөн. Ошондуктан, Лавров 2022-жылдын 12-сентябрында Орусия Украина менен сүйлөшүүлөрдү четке какпай турганын билдирди. (“Аль-Жазира” телеканалы, 12.09.2022). Орусия согуштун алгачкы күндөрүндө Украинага сунуш кылынган орустарга багынып берүү шарттары бууланып кеткенин түшүнүп турат. Бул шарттардын аткарылышы үчүн өзөктүк курал колдонуудан башка аргасы жок. Бул Орусиянын акыркы картасы болушу мүмкүн. Бирок ал өзөктүк куралды колдонсо, Американы да согушка тарта турганын билет. Америкадан жардам алып жаткан украин армиясын жеңе албай жатса, Америка армиясы катышкан согушта кантип жеңишке жете алмак эле. Демек, Орусия Украинага согуш ачуу менен туңгуякка кептелип калды.

8- Россия бул коркунучтардын баарын түшүндү. Бирок, Путин жеңилгенин моюнга алгысы келбей жатат. Ал акыркы аргаларын кылып, мобилизация тууралуу буйрук чыгарды. “Владимир Путин өз өлкөсү ядролук коркунучтарга дуушар болуп жатканын айтып, жарым-жартылай мобилизация жарыялады” (“Al Jazeera Net” 21/9/2022). “Орусия тарабынан дайындалган Луганск, Донецк, Херсон жана Запорожье облустарынын жетекчилери 23-сентябрдан 27-сентябрга чейин Орусияга кошулуу үчүн референдум өткөрүү ниетин билдиришти” (“Анадолу” агенттиги, 21.09.2022).

Белгилүү болгондой, референдум өтүп, аталган облустар аннекцияланды. “Al Jazeera Net” 2022-жылдын 30-сентябрында төмөнкүлөрдү жарыялады: “Орусиянын президенти Путин Украинанын Луганск, Донецк, Запорожье жана Херсон орус аймактары болгонун жарыялады. Ал узак сөзүндө Батыштын дүйнөнү көзөмөлдөп жатканын айыптады. Ал эми, Украинанын президенти Зеленский анын өлкөсү Орусиянын аракетине жооп катары “чечкиндүү кадамга” барарын ырастады”. Украин армиясы бул төрт облустун Орусияга кошулуусуна карабай, аймакта аскердик аракеттерин күчөтүүдө. “Украина армиясынын басма сөз катчысы

Москванын маанилүү чебин курчоого алгандан кийин Лиман шаарына өз күчтөрү киргенин жарыялады. Орусия согуш уланып жаткан аймактан миңдеген аскери чыгып кеткенин ырастады. Бул окуя Орусиянын президенти Владимир Путин жума күнү Украинанын төрт аймагын кошуу тууралуу жарлыкка кол койгон учурга туш келди. Украинанын Коргоо министрлиги "Украинанын аба-чабуул күчтөрү Донецк облусунун Лиман шаарына кирди", – деп твиттерде жазды. Жума күнү украин армиясы Орусия аннексиялап алган Донецк аймагындагы шаарда миңдеген орус аскерлерин курчоого алып жатканын билдирген ("France 24" 10/1/2022).

9- Бул окуялардан кийин Орусиянын позицияларын кылдаттык менен карап чыксак төмөнкүлөр ачыкталат:

А) Тарыхта да болгондой, орустар эмненин акысына болбосун өз аймагын сактап калууга катуу аракет кылат. Ошондуктан, ал толугу менен же жарым-жартылай көзөмөлдөгөн аймактарда референдумдарды өткөрүп, курамына кошуп алмакчы болууда. Орусия Луганск, Донецк, Запорожье жана Херсон аймактары орус жерлери болуп калганын, ага кол салуу Орусияга кол салуу болуп эсептелерин айткысы келүүдө. Орусия бул облустарды коргоо үчүн өзүнүн "аскердик-ядролук доктринасы" деп атаган талаптарга ылайык, өзөктүк куралды колдонорун билдирип жатат. Муну менен Украина армиясын жана ага колдоо көрсөтүп жаткан Америка менен Европа өлкөлөрүн коркутууну каалап жатат. Мунун баары орус армиясынын алсыздыгын көрсөтүп турат. Ал өзөктүк куралды согуштарда колдонууга тыюу салган эл аралык келишимге карабастан, Украинада жеңишке жете албагандыктан, өзөктүк курал колдонуу тууралуу белгилерди берип жатат.

Б) 300 000 жоокерди тартуу үчүн жарым-жартылай мобилизация жарыяланып, андан да көп сандагы аскер тартылууда. Мунун баары кыйыр түрдө орус армиясынын алсыздыгын жана Украинадагы максаттарын ишке ашыра албай жатканын көрсөтүп турат. О.э. адамдык жоготуулар аны

резервдеги аскерлерге муктаж кылганын көрсөтүп турат. Ошентсе да Орусия согуш эмес, атайын аскердик операция жасап жатканын айтып келүүдө.

10- Украинадагы согуш коркутуулар менен коштолгон күчөгөн фазага өттү. Эгер Орусия бул согушта өзүнүн позициясын оңдомокчу болсо жакынкы күндөрү Украинанын барын өрттөп жиберет. Албетте, буга батына ала турган күчү болсо кылат. Бирок көптөгөн көрсөткүчтөр Орусиянын эрки да аскердик кубаты сыяктуу алсыздыгын айтып турат. Орусия Украина майданында Америка жана Европа өлкөлөрү менен карама-каршы келерин абдан кеч түшүндү. Европа өлкөлөрү Россияга каршы этияттык менен аракет кылып жатса, Америка ачык түстө күрөшүп жатат. Жыл аягында Европанын орус мунайынан, андан кийин газынан баш тартуу пландары Орусияга каршы дагы да агрессивдүү кылат. Бул Германиянын курал-жарактарын күчөтүп жатканынан да көрүнүп турат. Орусия Украина аймактарындагы референдумдарды өткөрүп өзүнө кошулуусун бардык тараптар кабыл кылышын каалап жатат. А бирок, бул аймактарды коргоо үчүн өзөктүк куралды колдонууда экиленип калды. Бирок, Батыш бул референдумдарды четке кагып, Украинага аскердик жактан колдоо көрсөтүүнү улантарын, ал тургай заманбап өнүккөн аба күчтөрү менен камсыз кыларын жар салды. Ошентип ансыз да бул аймакта кыйын абалда турган Орусиянын абалы дагы да татаалдашты.

11- Мобилизация жарыялоо маселесине келсек, аскер адистеринин пикиринде даярдыгы жок запастагы жоокерлерди алып келүү орус армиясына көп деле пайда алып келбейт. Орус армиясындагы көйгөй аскерлердин санын көбөйтүүдөн алда канча тереңирээк. Маселе анын башчыларында жана заманбап техникалардын жоктугунда. Орусия армия үчүн өндүрүштүк заводдорун дүйнөлүк согуштагыдай максималдуу кубатта иштетип жатса да маселени толук чече албайт. Анткени, Америка жана Европа өлкөлөрү Украина армиясын керектүү жабдыктар менен толук камсыздап жатышат. Эгер Украинада орус аскерлеринин оор жоготуулары

улана берсе, согушту токтотуу үчүн Кремлге ички саясатта басым күчөйт. Мындай басым Балтика деңизиндеги “Түндүк Агым” газ куурунун жарылуусунан улам дагы да күчөйт. Буга Европанын орусиянын арзан жаратылыш газына болгон үмүтүнүн үзүлүшү кошумча болот. Натыйжада Европанын Орусияга болгон кастыгы күчөйт жана аны Украина аскерлерин колдоосу күч алат. О.э. арзан газ үчүн Орусия менен элдешүүгө чакырган европалык үндөрдүн алсырашына алып келет. Буга кошумча, Россия Америка жана Батышка каршы күрөштө жалгыз калганын сезип жатат. Кытай аны жалгыз таштады десек болот. Мунун баары Кремлдин жетекчилерине ички нааразылыкты күчөтөт. Анткени, алардын эсептери туура эмес болгон. Башкача айтканда, бийликти Орусияны бүгүнкү оор абалга алып келгени үчүн күнөөлөгөн ички күчтөр бар.

12- Ал эми Орусиянын өзөктүк курал менен коркутуусуна келсек, аны колдонууга реалдуу эрки жетишпейт. Муну менен катар, Батыштын чалгындоо кызматтары Орусиянын өзөктүк куралдарын ташыганын же жаңы кыймылдарын каттаган эмес. Бул Батышта өзөктүк куралды иш жүзүндө колдонууга караганда коркутуулардан ары өтпөгөн билдирүү катары кабыл алынуусун шарттап жатат. Америка жана Европа өлкөлөрү Батышта эмес Украина аймагында болсо да өзөктүк курал менен коркутууларга өтө олуттуу мамиле кылаарын айтышына карабастан, Орусиянын өзөктүк куралынан коркпой жатканын көрсөтүшүүдө. Америка Украинада Орусиянын ар кандай өзөктүк курал колдонуусуна жооп берерин жарыялап келет. Америка Орусия-АКШ ортосундагы өзөктүк курал согушка айланбашы үчүн кадимки курал менен да жооп бериши мүмкүн. Бирок мунун баары Орусияны өзүнүн арсеналындагы эң акыркы куралынан да ажыратышы мүмкүн. Башкача айтканда, мындай маневрлер менен Орусия Украинадагы согуш аяктагандан кийинки өзөктүк куралына кырсык алып келет.

13-Россиянын аннексиялап алган аймактарда чегинүүсү мүмкүнбү деген суроого келсек, бул абал Орусияны эл аралык майдандан чегинүүсүн жана эл

аралык окуялардагы таасирин токтотуусун билдирет. Бул орус жетекчилиги баарынан көп сактанган маселе. Ошондуктан, Россия бул төрт аймакта, башкача айтканда аннексия референдуму өткөн аймактардын чек араларында калуусу күтүлөт. Балким, Харьковдо жоготууга учураган аймактарды кайтарып алууга аракет кылышы мүмкүн. Ошондо орус президенти өз элинин алдында 2014-жылы Крымды алып келгенден кийин Орусияга жаңы ийгиликтерди алып келген “күчтүү лидер” катары көрүнөт. Бирок, эгер Путиндин бул максаты ишке ашса да, кыска убакыттын ичинде Украинаны бүтүндөй жутуп жиберүүчүдөй болгон держава үчүн кичинекей максатка гана ыраазы болгонун билдирет. Башка тараптан, Америка жана Батыш өлкөлөрү Украина армиясына аскерий колдоо көрсөтүп, Орусия басып алган аймактарды бошотууга шыктандырууда. Батыштын Украинага аскерий колдоосунун көбөйүшү менен Орусиянын запастагы жоокерлерин мобилизацияланышы Украинадагы согушту дагы да күчөтөт. Аймакта оор салгылашуулардын болушунан жана узакка созулушунан кабар берет. Эгер өзөктүк куралды колдонуу ыктымалын эске албасак, Россия согушта жеңип чыгууну кепилдей албайт. Ошондуктан, Украинадагы согуш эл аралык коркунучтарга ачык бойдон калат. Орусиянын Тышкы иштер министри Лавров Орусия сүйлөшүүлөрдү четке какпай турганын билдирүүдө. Ал эми, Америка менен Британия Украинаны Орусия ири өлкөлөрдүн тизмесинен чыгара турган жайга айландырууга чечкиндүү аракет кылууда. Биз каалоолордун кагылышуусуна күбө болуудабыз. Украина майданы мурункудай эле баарын алдын-үстүн кыла турган күтүүсүз жагдайларга күбө болушу мүмкүн.

14- Азыркы дүйнөдөгү ири мамлекеттер эч кандай адамдык жана адеп-ахлактык баалуулуктарга көңүл бурбастан, өздөрүнүн жырткыч амбицияларына жетүү үчүн бири-бири менен күрөшүп жатышат. Алар башкаларга зыян жетсе да, жада калса ал жамандык болсо дагы өз калоолоруна жетүү үчүн зулмдукту адилетүүлүккө айландырып алышат. Бул

өлкөлөр жер бетинде бузукулукту жайышууда. Ошондуктан, дүйнө алардын жок болушу жана Аллахтын жардамы менен Пайгамбарлык минхажы негизинде Халифалыктын кайтып келиши менен гана коопсуздукта болот.

﴿وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ الْمُؤْمِنُونَ * بِنَصْرِ اللَّهِ يَنْصُرُ مَنْ يَشَاءُ وَهُوَ الْعَزِيزُ الرَّحِيمُ﴾.

***“Ошол күнү момундар Аллахтын нусраты менен шаттанышат Аллах өзүнүн жарадамы менен каалаган пенделерине нусрат берет. Ал Кудуретүү” (30:4-5)***

***6-Робиюль аввал, 1444х.***

***2-октябрь, 2022м.***

Кремлге жасалган дрон чабуулу

Суроо:

2023-жылдын 3-майында Москванын борборундагы Кремль сарайына дрон аркылуу чабуул жасалды... Учкучсуз учак боюнча америкалык адистердин айтымында, Кремлдин үстүндө атып түшүрүлгөн эки учкучсуз учак Москва жана айланасындагы көптөгөн коргоо системаларынан өтүп кетүүсү ал дрон Орусиянын ичинен учурулганына ишара кылат. (06.05.23, Аль Жазира, Рейтерс). Украина параламентинде Тышкы иштер министрлигинин катчысы Кремлге жасалган чабуул Москва тарабынан пландалганын билдирди. (03.05.23, Аль Жазира). Бул чабуул Орусия айыптаган «Украинанын тышкы планыбы?». Же Америкалык адистер жана Украина айткандай «Москванын ички планыбы?». Кремлге кол салуу тууралуу ар түрдүү билдирүүлөр болууда. Бул чабуулдун артында ким турарын ачыктап берсеңиз?

Жооб:

Кремлдин басма сөз кызматы эки учкучсуз учак аркылуу жасалган чабуул токтотулганын жарыялап, аны «террордук» акт катары баалады. Ошондой эле, Орусиянын мамлекет башчысы Владимир Путинге зыян жетпегенин билдирди. Украина Кремлге жасалган кол салууга тиешеси жок экенин айтып, Москваны согушту күчөтүү үчүн маалымат каражаттары аркылуу бул

окуяны атайын көбүртүп көрсөтүп жатат деп айыптады. Бул кол салуунун максатын түшүнүү үчүн ушуларды эске алуу керек:
Биринчи: Орусия 2022-жылдын февралында Украинага каршы баштаган согуштан бир жылдан ашуун убакыт өттү. Учурда айрым согуш фронтторундагы чабуулдар токтоп калды. Бахмут шаарында сегиз айдан бери созулган салгылашты жана Украинанын ичине атылган айрым ракеталарды эске албаганда, көпчүлүк фронттордо согуш дээрлик токтоп калды. Согуштун мындай басаңдашынын эки себеби бар. Биринчиси, кыш мезгилиндеги кыйынчылык. Экинчиси, тараптардагы ок-дары жана техниканын жетишсиздигине байланыштуу. Ар дайым Украинага күтүүсүз чабуул кылынышы айтылып жаткан учурда Кремлге жасалган бул кол салуу согушту кайрадан күчөтүшү мүмкүн.
Экинчи: Америка жетектеген Батыш Украинага баскычма-баскыч туруктуу жардам берүү менен Орусияны алсыратты. Бахмут шаарында согушуп жаткан Вагнер жеке аскердик компаниясынын башчысы ок-дары жана курал-жарактын жетишсиздиги жөнүндө даттанууда. А түгүл, орус армиясы ичиндеги бөлүктөр дагы ок-дарысыз калганын айтып, бийликти айыптоодо. Айрыкча, калган фронттордо кыш айларында чабуул токтоп калган. Мындан улам, Орусия Украинанын ичине маал-маалы менен гана чабуул жасап жатат. Башкача айтканда, Орусияда туруктуу чабуул жасоого жетиштүү ракета жана учактар калбады. Бир айда өндүргөн куралдарын бириктирип Украинага төгүп салган сыяктуу көрүнүүдө. Бул дагы Орусиянын алсыз тарабы. Буга кошумча, Батыштын санкциялары себептүү орус аскердик өндүрүшүндө тетиктер жетишсиз. Кабарларда Батыш Украинаны курал-жарак, ок-дарылар менен камсыздоосу да чектелип калганы айтылууда. Ошентсе да, Батыштын бул боштукту толтуруу мүмкүнчүлүгү Орусиянықынан жогору.
Үчүнчү: Орусия армиясы аскерлерди тартуу үчүн кампанияларды жүргүзгөнүнө карабастан, кургактыктагы чабуул жөндөмү түгөнүп барууда. Орусия Батыштын өнүккөн куралдары менен күтүлүп жаткан Украинанын

контрчабуулунан корккондуктан, согуш фронтторунда траншеяларды казууда. А түгүл, Вагнер компаниясынын башчысы Украинанын чабуулу «Орусия үчүн кырсык» болорун билдирди. Муну Орусия аба күчтөрү согуш талаасында көрүнбөй калганы да ырастап турат. Орусия аба күчтөрү Украина аба мейкиндигин толук көзөмөлгө ала албагандыктан, алыстан айрым соккуларды берүү менен гана чектелүүдө. Орусиянын бул алсыздыгы Украинаны көшөгө артынан башкарып жаткан Америка жана Батышка маалым. Бардык ыктымалга каршы согушту баштоого тукурган Американын планы согуштун башында элестете албаган жагдайга алып келди. Өзгөчө Америка менен Батыш Орусияны өзөктүк курал колдонуудан баш тарттыра алышты. Орусиянын өзөктүк курал менен коркутуусу дүйнөлүк коомчулуктун катуу каршылыгына учурады жана Орусия өзөктүк куралды колдонуудан коркуп калды.

Төртүнчү: жогоруда айтылгандардан улам, быйылкы жай дагы да ысык болоору күтүлүп жатат жана ар кандай ыктымалдар жүз бериши мүмкүн. Согуш Украинанын ичине гана чектелип калбагандыгы – алардын бири. Украина кол салууга жоопкерчиликти өз мойнуна албаса да Орусия ичинде бир катар чабуулдар жасалды. А түгүл, Орусиядагы кол салууларга жооптуу катары Путиндин бийлигин четке каккан «Орус оппозициясы» ойлоп табылды. Москванын жүрөгүндө жайгашкан Кремлге жасалган чабуул Орусиянын намысына катуу тийди жана Орусия бул окуяны президент Путинге кол салуу катары баалады. Дрон учурулган жер кайда жайгашканына карабастан, анын Кремль сарайынын чатырына жетип баруусу Орусиянын дагы бир алсыз тарабы болуп саналат.

Бешинчи: Москва Украинанын бул чабуулунан улам нес абалга түшүп, кескин билдирүүлөрдү жасады:

1. Орусия Коопсуздук кеңешинин жетекчисинин орун басары Дмитрий Медведев шаршемби күнү Telegram каналында: «Кремлге каршы террордук

чабуулдан кийин Зеленскийди жана анын тобун жок кылуудан башка тандоо калбаганын» билдирди. (03.05.23, Спутник ньюс).

2. Орусия мамлекеттик Думасынын спикери Вячеслав Володин Кремлге дрон аркылуу жасалган чабуул жөнүндө сүйлөп, Киевдеги террордук режимди токтотуп, жок кыла турган куралдарды колдонууну талап кылды. Володин Telegram каналында Киев жоопкерчиликти моюнга албаган «сөздө айтылган» кол салуудан кийин Орусия Украина президенти менен сүйлөшүүгө барбашы керектигин айтты. О.э Орусиянын, Европанын жана бүткүл дүйнөнүн коопсуздугуна коркунуч туудурган Зеленский режими менен сүйлөшүү мүмкүн эместигин билдирди. (03.05.23, Аль Жазира).

Бул билдирүүлөрдөн көрүнүп тургандай, эки учкучсуз учак аркылуу Кремлге жасалган чабуулдан кийин Орусия катуу тынчсызданды.

Алтынчы: Орусия Украинадагы согушту күчөтүү үчүн дрон чабуулун уюштурду деген сөзгө келсек, мунун ыктымалы аз. Бир тараптан, бул чабуул анын аброюна шек келтирип, «держава» макамына зыян жеткирүүдө. Бул Орусиядан жана анын башчысынан коркпоо керектиги жөнүндө коңгуроо болуп калды. Экинчи тараптан, Орусия – өзөктүк куралын эсепке албаганда – Украинадагы согушту күчөтө турган кудуретке ээ эмес. Американын каршы аракеттеринен улам Орусия өзөктүк куралын колдонууга да эрки жетпейт. Орусия бул кол салууну өзү уюштурбаганына ишара кылган дагы бир жагдай – Орусия чабуулда түздөн-түз Американы айыптагандыгы. Бул өзгөчө бир абал болуп, чабуулдан Москва олуттуу коркуп жатканы байкалууда. Бул жөнүндөгү билдирүүлөр да муну ачыктап турат:

1. Кремлдин маалымат катчысы Дмитрий Песков Кремлге жасалган дрон чабуулунун артында АКШ турганына ишара кылып: «Мындай чабуулдарга байланыштуу чечимдер Киевде эмес, Вашингтондо кабыл алынууда», - деди. 4-майда Кремлде өткөрүлгөн басма сөз жыйынында сүйлөгөн Песков: «АКШ менен Украина бул кол салууну моюнга албоосу абдан күлкү келтирерлик. Мындай террордук актыларга байланыштуу чечимдер Киевде эмес,

Вашингтондо кабыл алынарын билебиз. Киев ага айтылган нерсени гана аткарат», - деди. Ак үйдүн расмий өкүлү Жон Кирби MSNBC телеканалынын эфиринде чабуулдун артында АКШнын турганын айткан Песковдун сөзүн четке какты. Кирби: «Эмне болгонун азырынча анык билбейбиз жана эч кандай баа бере албайбыз. Эрте менен Песковдун билдирүүсүн жана бизди айыптаганын көрдүм. Силерди ишендирип кетемин, АКШнын бул окуяга эч кандай тиешеси жок. Эмнеси болсо да, биздин окуяга катыштыгыбыз жок», - деди. (04.05.23, Russia Today).

2. Ага карабастан, Орусия алсырагандыктан, Америка Украинадагы согушту Орусияга каршы пайдаланууда. А түгүл, Кремлге жасалган чабуул Орусия президентин коркутуу катары бааланышы мүмкүн. Песковдун билдирүүсүнөн Орусия бул ишараны түшүнгөндүгү көрүнүп турат. Ошондуктан, Орусия чабуулдун артында Америка турганын билерин айтууда. А бирок, Американы түздөн-түз коркутууга батына албай, Украинаны коркутуп, президент Зеленскийди жок кылуу жөнүндөгү билдирүүлөр менен чектелди.

3. Чабуулду Америка пландаганын жана ал Орусияга бир чакырык экенин көрсөткөн дагы бир жагдай – Украина президентинин өлкөдөн чыгарылышы. Украина президенти Кремлге чабуул болгон күнү таң эрте күтүүсүз Финляндиянын Хельсинки шаарына сапар кылды. Анын артынан Голландиянын Амстердам шаарына конду. Андан кийин Германия президенти Зеленскийди кабыл алды. Бул нерселер Зеленскийди Орусиянын кол салуусунан коргоо, тагыраагы, Медведевдин талабы орундалуусунан сактоо үчүн жасалды.

4. Американын өзүнө келсек, АКШ бул окуя тууралуу комментарий берүүнү каалабагандай көрүндү. А түгүл, Орусиянын айыптоосуна шек санаганын айтты. АКШ мамлекеттик катчысы Энтони Блинкен Москванын айыптоолорунан кабардар экенин, бирок, «алардын эч бирин тастыктабай турганын» билдирди. Блинкен: «Билбейбиз. Чынында эмне болгонун карап

чыгабыз. Акыйкатта эмне болгонун билбей туруп бул маселеге комментарий берүү же божомолдоо абдан оор», - деди. (03.05.23, CNN Араб).

5. АКШнын Орусия президенти Путинге кол салууга байланышы бар экенин көрсөткөн дагы бир нерсе – өткөн айда ачыкка чыккан Американын жашыруун документтери. Документте согуш сценарийлеринин биринде Орусия президенти Путиндин өлтүрүлүшү керектиги айтылган. «Көрүнүп тургандай, Пентагондун жашыруун документтеринин ачыкка чыгуусу күтүүсүз жана сырларга толо. The New York Times гезити жарыялаган жашыруун документте Украина согушу башталгандан бир жыл өткөндөн кийин боло турган кырдаалды чечүү планы деталдуу баяндалган. Жашыруун документте АКШ Коргоо министрлиги Орусия-Украина согушунда ишке ашыра турган төрт вариант каралып, алардын согуштун жүрүшүнө таасири талданган. The New York Times гезити жазышынча, АКШ Коргоо министрлиги пландаган сценарийдин арасында Орусия президенти Путин жана Украина президенти Зеленскийдин күтүүсүз өлтүрүлүшү, Орусия күч түзүмдөрүнүн жогорку кызматкерлеринин кызматтан алынышы жана Украинанын Кремлге чабуул кылышы да орун алган». (12.04.23, Аш-Шарк).

Жетинчи: кыскасын айтканда, Москвадагы Кремль сарайына жасалган дрон чабуулу Украинадагы согуш кооптуу даражага жеткенин билдирет. О.э Америка согуштун жүрүшүн өзгөртө турган күчтүү чабуулдарды баштоо үчүн Орусия ичинде жетиштүү агенттери бар экенине ишара кылат. Орусияда темир жолдорду, мунай базаларын жана энергетика тармагын бутага алган жардыруулар башталып, улам көбөйүп барууда. Башкача айтканда, согушту Украинадан Орусияга көчүрүү аракети иш жүзүндө катуу алып барылууда. Айрыкча, орус кошууну Украинада чоң жоготууларга дуушар болуп, мындан ары согуштун багытын өзгөртө турган чабуул кылышы кыйын болууда. Америка баш болгон Батыш согуштун жүрүшүн Украинанын пайдасына өзгөртүү үчүн аны заманбап курал-жарактар менен камсыздоону улантууда. Украина Херсон шаарын жана Харьковдун

аймактарын кайра алуусу, Бахмутта сегиз айдан бери уланган салгылашта Орусия олуттуу жоготууларга карабастан шаарды колго ала албагандыгы учурда согуш Орусиянын зыянына болуп жатканын көрсөтүүдө.

Мына ушулар – Кремлге жасалган чабуулдун акыйкаты жана анын артындагы пландар. Бул нерселер Орусиянын аскерий жана коопсуздук күчтөрү Москванын жүрөгүндөгү саясий борборду коргой албай турган даражада алсыраганын билдирет. Согуш Орусия менен Украинанын ортосунда гана болбой жатканы, тескерисинче, Америка жана Батыш Украинаны материалдык, моралдык жактан колдоп жатканы да акыйкат. Муну менен бирге, Орусиянын Украинага кол салуусу бир жылдан ашуун уланууда жана Орусия басып алган аймактарда туруктуулук орногон жок. Орусия материалдык, инсандык чоң жоготууларга учурап жатат. Булардын баары Орусия көзгө көрүнгөн ири мамлекет макамынан алыстаганын билдирет. Орусия да муну сезип-билип турат. Ошондуктан, Орусия 2023-жылдын 9-майында жеңиш күнүнө чейин Бахмутту толук колго алуу менен атын сактап калууга бардык аракетин кылса да шаарды басып ала алган жок. А түгүл, Вагнер компаниясы сапарбар кылынса да майнап чыкпады.

Америка менен Батышка келсек, алар акыркы украин аскери калганга чейин согушат! Алар согушка түздөн-түз аралашууну каалашпайт, тескерисинче, башкалардын каны менен өз кызыкчылыктарын коргошууда.

Жыйынтыктап айтканда, 2023-жылдын 1-мартында айткан сөзүмдү кайталаймын: «Бүгүн дүйнөдө ири мамлекеттер деп аталган бул колонизатор кафир мамлекеттер дүйнөгө жакшылык алып келүү үчүн эмес, жамандык жана зыян алып келүү үчүн бири-бирине каршы күрөшүүдө. Орусия баш көтөргөн ар кандай украиналыкты өлтүрүү үчүн Украинага чабуул кылган болсо, Америка менен Батыш өз аскерлери менен эмес, украиналык аскерлер менен душманга каршы күрөшүүдө. Эки тарап тең украиналыкты өлтүрүү үчүн Украинада бири-бири менен бетме-бет келишүүдө… Ошентип, жер жүзүндө бузгунчулук таратууну көздөгөн бул мамлекеттер үчүн канчалык

кан төгүлүшү – бул нерсе алардын кызыкчлыктарын жүзөгө чыгарса – эч кандай мааниге ээ эмес… Өтмүштө Фарс жана Рум мамлекеттери өз ара күрөшүп, бири жеңип, экинчиси жеңилгендей, тарых кайталанып жаткандай көрүнөт… Алар өз кызыкчылыктарын жүзөгө чыгаруу үчүн адамдардын канын дайра кылып төккөн машинадай аракет кылышкан… Бул абал Аллах Таала чындык жана адилет ээлери болгон Ислам Умматын жеңиш жана фатх менен сыйлап, Ислам жана мусулмандар азиз, куфр жана кафирлер кор болгонго чейин созулган. Аллахтын уруксаты менен дагы ушундай болот.

﴿وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ الْمُؤْمِنُونَ * بِنَصْرِ اللَّهِ يَنْصُرُ مَنْ يَشَاءُ وَهُوَ الْعَزِيزُ الرَّحِيمُ﴾

«Ошол күндө момундар Аллахтын нусраты себептүү шаттанышат. (Аллах) Өзү каалаган кишиге нусрат берет. Ал кудуреттүү жана ырайымдуу» [Рум: 4-5]

Бул болсо Рошид Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу болот.

وَيَقُولُونَ مَتَى هُوَ قُلْ عَسَى أَنْ يَكُونَ قَرِيباً

«Ал күн качан болот?» дешет. Айткын: «Жакында болоор!» [Ал Исро: 51]

**19-шаввал, 1444-х.**

**9-май, 2023-ж.**

## Улуу мамлекетке көз каранды мамлекеттер ортосундагы келишпестиктердин акыйкаты

**Суроо:** *Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух. Улуу мамлекетке көз каранды же анын таасири астындагы мамлекеттер бир мамлекетке көз каранды болуп туруп өз ара күрөшүүсү мүмкүнбү? Эгер, бул мүмкүн болсо, бир улуу мамлекетке көз каранды болгон мамлекеттер ортосундагы мындай абалды кандай түшүндүрүү мүмкүн? Көз каранды мамлекеттер ортосундагы өз ара күрөш ушул улуу мамлекеттин кызыкчылыктарына таасир кылбайбы? Эгер, көз каранды мамлекеттер ортосунда мындай күрөш жүз бербесе, анда, мисалы Ирак менен Түркия, же Иран менен Саудия, же Түркия менен Иран ортосуда жүз берип жаткан*

*иштерди кандай түшүндүрүү мүмкүн? Жооп үчүн сизге ыраазычылык билдиремин.*

**Жооп:** Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

1 – Улуу мамлекетке көз каранды мамлекеттер ушул улуу мамлекетке зыян жеткире турган иштерди жасашы акылга сыйбайт. Себеби, тышкы саясатта алардын улуу мамлекетке көз каранды болушунун мааниси мындай: көз каранды мамлекеттер улуу мамлекет аларга түзүп берген план же ал жүргүзгөн саясат боюнча жүрөт, ар кандай жузъий (экинчи даражалуу) маселеде бул план жана саясаттын алкагынан чыкпайт. Демек, көз каранды мамлекеттердин тышкы саясаттагы иш-аракети улуу мамлекеттин эркине байланыштуу. Ошондуктан, көз каранды мамлекеттер улуу мамлекет менен кеңешпей туруп бирер ишти кылышы мүмкүн эмес. Демек, алар улуу мамлекеттин буйругуна ылайык аракет кылышат. Мисалы, Иордания менен Британиянын мамилеси ушундай. Себеби, Иордания акимдери Британия буйруктарын аткарат. Демек, көз каранды мамлекеттердин акимдери тышкы саясатта улуу мамлекетти маалымдабай туруп эч бир ишти жасашпайт. Баарына белгилүү жана мурунтадан жүргүзүлүп келе жаткан саясат гана мындан сырткары. Себеби, мында көз каранды мамлекет ушул саясаттын алкагында иш-аракет кыла берет. Буга мисал кылып, Иорданиянын менен Британияга көз каранды Катар ортосундагы байланышты келтирүү мүмкүн. Бул эки мамлекет Британия саясатына кызмат кылган ишти биргеликте жүзөгө чыгаруу үчүн өз ара байланышып турат.

2 – Улуу мамлекеттин таасири астындагы мамлекет жөнүндө айтсак, ал улуу мамлекет менен көз карандылыктан эмес, бирер кызыкчылык жүзөсүнөн байланат. Ошондуктан, ал тышкы саясаттын бирер жузъий маселесинде улуу мамлекеттин таасиринен чыгып кетиши да мүмкүн. Себеби, мындай мамлекет улуу мамлекеттин таасири астында турганда өз кызыкчылыгына жетишүү жолун да издейт. Ошондуктан, бул таасирден чыгып кетүү улуу мамлекеттин өз таасири астында болгон мамлекет

акимдеринин бийликке келишиндеги таасири менен пропоционалдуу болот. Бул жөнүндө 2013-жылы 30-июлдагы суроо-жоопто мындай делген: «Улуу мамлекеттин өз таасири астындагы мамлекетке карата таасири жана басымынын факторлорун да эсепке алуу керек. Бул факторлор улуу мамлекеттин таасири астындагы мамлекет ушул жузъий маселелерде таасир алкагынан чыгып кетишине жол бербейт. Жол бербөөнүн канчалык күчтүү же күчсүз болушу улуу мамлекеттин өз таасири астындагы мамлекеттеги аким топтун бийликке келишине канчалык таасир өткөрүшүнө байланыштуу. Ошондуктан, эгер улуу мамлекеттин таасири күчтүү болсо, анын таасири астындагы мамлекет ар кандай жузъий маселеде бул таасир алкагынан чыгып кетиши өтө кыйын. Улуу мамлекеттин таасири канчалык азайса, анын таасири астындагы мамлекет улуу мамлекеттин тышкы саясатынан бирер бөлүгүндө же көбүрөөгүндө таасир алкагынан чыгып кетүүгө ошончолук кудуреттүү болот». Мисалы, Канада Америка таасири алкагында болгондой, кызыкчылыктарынын талабына карап Британия таасири алкагында да болот. Бирок, Канада 2015-жылы 29-сентябрда Иран терроризмге демөөрчүлүк кылып жаткан мамлекет деп жарыялап, Канададагы Иран элчилигин жаап койду. Кала берсе, Канада тышкы иштер министри Жон Бэрд: «Иран бүгүн дүйнөдөгү тынчтыкка жана коопсуздукка коркунуч туудуруп жатат» деп билдирди. Канаданын бул позициясы Америка Ирандын өзү менен бирге региондогу тынчтык жана коопсуздук деп аталган ишке ашкере киришине мүмкүнчүлүк кылып берүү үчүн «бышырып» даярдаган ядролук келишимден кийин жүзөгө келди. Америка таасири астындагы Канаданын мындай иш-аракети жузъий маселеде Америка позициясына каршы чыгуу болуп эсептелет. Канаданын мындай иш-аракети Америка саясатын колдоп-кубаттоо болбойт. Себеби, Американын кызыкчылыгы Канада Иран менен алакаларды үзүшү, аны тынчтык жана коопсуздукка коркунуч туудуруп жаткан террорчу мамлекет деп жарыялашы эмес, тескерисинче, Иранды тынчтык жана коопсуздукка жетишүүгө аракет кылып жаткан мамлекет

катары кабыл алышы. Демек, улуу мамлекеттин таасири астындагы мамлекет – эгер, улуу мамлекеттин таасири өз таасири астындагы мамлекет акимдерин бийликке алып келүүдөн алыс болсо – бирер жузъий маселеде улуу мамлекеттин позициясына каршы чыгышы мүмкүн.

Түркияга карата айтсак, жогорудагы 2013-жылы 30-июлдагы суроо-жоопто мындай делген: «Американын Түркияда аким топту бийликке алып келүүдөгү таасири күчтүү. Ошондуктан, Эрдоган Америка жардамысыз бийликке келе албашын жана өз таасирин ичкериде орното албашын сезет. Натыйжада, Эрдоган өзүнүн тагдырын Америка менен байланыштуу деп билет. Себеби, Америка Түркияда чоң таасирге ээ болуп алды. Ушул даражада дейсиң, Америка бийликке, акимдерге, сотко, армияга, коопсуздук аппаратына… өз өкүмүн өткөрө алат. Ошондуктан, Американын Түркиядагы бийликке карата таасири күчтүү. Ушуга ылайык, Түркия ар кандай жузъий маселеде Америка тышкы саясатынын алкагынан чыгып кетиши өтө кыйын». Ошол суроо-жооптун корутундусунда мындай делген: «Т.а. Түркия учурда Америка таасири астында калууда, ошондуктан, Американын Түркия иштерине карата таасири күчтүү. Эгер, абал ушундай уланып Түркия Америкага күчтүү байланып кала берсе, анда Түркия Америкага толук көз каранды болууга жакын келип калат жана анын бирөөнүн таасири алкагындагы абалы суроо астында калат!». Ошондуктан, Түркия Канада деңгээлинде эмес. Американын Түркияга карата таасири ушул даражада күчтүү болуп, мунун акыбетинде Түркия эч бир жузъий маселеде Америка сызган сызыктан чыгып кете албайт. Тескерисинче, Түркия Америкага дагы да күчтүү байланып, ар бир чоң жана кичине маселеде Америка менен бир пикирде болуп келүүдө. Мисалы, Түркия тышкы иштер министринин жардамчысы Феридун Синирлиоглу 2015-жылы 11-августта Американын «Си-Эн-Эн» каналына мындай деди: «Эки мамлекет (Түркия жана Америка) узундугу 100 километр жана туурасы 50 километрге жеткен «тынч» зонаны тургузууга өз ара келишип алды». Түркия тышкы иштер министрлиги

мындай билдирүү чыгарды: «Сирия оппозициясынын күчтөрү бул зона үстүнөн өз көзөмөлүн орнотту, ошол эле учурда Америка жана Түркия абадан коргоону камсыздоодо». Ошондо Америка эртеси эле т.а. 2015-жылы 12-августта Америка мамлекеттик департаментинин өкүлү Марк Тонер аркылуу муну четке какты. Тонер мындай деди: «Тынч зона тургузуу боюнча эч кандай келишим жок». Тонер түрк билдирүүлөрүнөн кабарсыз экенин, ошондуктан, аларга карата түшүндүрмө бере албашын айтты. Ал дагы мындай деди: «Биз бул трибунадан жана башка бир нече жагдайларда ал жерде эч кандай тынч зона жок экенин анык айткан элек…». Демек, Түркия бул жузъий маселеде Америка сызган сызыктан чыгып кете албады. Ошондуктан, Түркия тынч зона жаатында Америка менен келишип алганын билдирди. Т.а. Түркия Америка менен келишпестен туруп, анын ыраазылыгын албай туруп тышкы саясатта эч кандай ишти кыла албайт. Ошондуктан, эгер Америка ыраазы болбосо, бул иш жүзөгө чыкпай кала берет. Дагы мисалы, муътадил оппозицияны машыгуудан өткөрүү маселесин алалы. Америка муну бир жыл мурун баштаган жана Түркия буга эч бир каршылык билдирбей ыраазылык берди. Америка базасын ачуу маселеси да ушундай болду. Бул маселе Америка кызыкчылыктарына кызмат кылат. Түркия тышкы иштер министрлиги 2015-жылы 29-июлда Америка менен Инжирликте Америка аскерий базасын ачуу келишимине кол коюлганын жарыялады. Америка самолёттору ушул базадан Сирияга чабуулдарды уюштурат. Булардан башка окуялар да көп. Ошондуктан, Эрдоган доорунда Түркиянын бирер жузъий маселеде Америкага каршы чыгышын элестетип болбойт. Анткени, Түркия тышкы саясатта Америкага көз каранды сыяктуу мамиледе болууда. Эрдоган бийликке 13 жыл мурун келгенден бери Түркия Америкага каршы чыкпады. Эрдоган жакында Америкага көз каранды Салман Саудиясына барды. Эки мамлекет 2015-жылы 30-декабрда алакаларды бекемдөө үчүн ортоктош стратегиялык кеңеш түзүлгөнүн жарыялады. Түркия «терроризмге» каршы күрөшүү үчүн аскерий коалиция

түзүү жаатында да Саудияга ыраазылык берди. Бул жөнүндө Саудиянын экинчи канзадасы Мухаммад ибн Салман билдирген.

3 – Ал эми, Иран Америка таасири алкагында жүрөт жана эч бир жузъий маселеде бул сызыктан чыкпайт. Ошондуктан, Иран көз каранды мамлекет болуу даражасына дээрлик келип калган. Айрыкча, азыркы президент Хасан Руханий жана анын тышкы иштер министрлигиндеги Америкага малай Жавад Зариф башчылыгындагы командасы доорунда ушундай болду. Ошондуктан, Иран Сирия темасында Түркия менен келишип иш жүргүздү. Түркия тышкы иштер министрлигинин өкүлү Левент Гюмрюкчю 2013-жылы 28-ноябрда «эки мамлекет ортосунда эки тараптуу алакаларды өнүктүрүү боюнча толук келишим» бар экенин жана «Сирия боюнча оң натыйжалуу сүйлөшүүлөр» болуп жатканын о.э. «Сириядагы кризисти чечүүгө жана ал жердеги кан төгүүнү токтотууга тиешелүү эки мамлекет ортосундагы кызматташтыкка бекем моюн сунуу туурасында толук келишим» бар экенин маалымдаган. 2015-жылы 7-апрелде Эрдоган эки мамлекет ортосундагы алакаларды бекемдөө үчүн Иранга барды. Т.а. Түркия менен Иран ортосундагы пикирий келишпестик эки мамлекеттин тышкы саясатта өз ара келишип иш жүргүзүшүнө жана Америка сызыгынан чыкпашына тоскоолдук кылбады. Түркия ядролук программа туурасындагы сүйлөшүүлөрдө да Иранды колдоп-кубаттады.

4 – Бир улуу мамлекетке көз каранды же анын таасири астындагы мамлекеттер ортосунда чыныгы күрөш маанисиндеги күрөш күтүлбөйт. Себеби, ушул улуу мамлекет тышкы саясатты жалпы түрдө башкарат. Адатта күрөшкө ушул саясат өз өкүмүн өткөрөт. Бул, күрөш жагынан ушундай, ал эми, көз каранды мамлекеттердин күрөшсүз өз ара келише албай калышына келсек – бул абал улуу мамлекеттин таасири алкагындагы мамлекеттер ортосунда ачык-айкын байкалат – бул төмөнкү үч абалда болушу мүмкүн:

Биринчи абал: Эгер, келишпестик улуу мамлекеттин кызыкчылыгына кызмат кылуу үчүн ролдорду бөлүштүрүү бөлүмүнөн болсо.

Экинчи абал: Келишпестик улуу мамлекеттин тышкы саясатына эч кандай таасир кылбастан ички фактор менен гана болсо.

Үчүнчү абал: Келишпестик малайлардын бирин колдоп-кубаттоо бөлүмүнөн болсо. Бул, ушул малай менен башка малай ортосунда «тынч турган» бирер окуяны «кайнатып» курчутуу менен болот, колдоп-кубаттоону талап кылган нерселер түгөп бүткөндөн кийин окуя дагы тынч абалына кайтат.

**Биринчи абалга мисал:**

Түркия менен Иран Ирак Күртстаны регионунда Америка саясатын ишке ашырат, бирок, мында экөөсүнүн ролу түрдүү. Тышынан караганда бул ролдор бири-бирине тескеридей көрүнөт, бирок, түпкүлүгүндө андай эмес. Себеби, Түркия менен Ирандын бул түрдүү ролдору Америка кызыкчылыгына кызмат кылат:

– Мисалы, Иран бул региондо Америка малайларын колдоп-кубаттайт. Масъуд Барзаний англистердин малайларынан. Ошондуктан, Иран Барзанийге каршы Американын ал жердеги малайларын колдоп-кубаттайт. Бул малайлардын бири Горран кыймылы, ал илманий саясий партия болуп, Күртстан регионунда иш алып барат. Аны күрт саясатчысы Нуширан Мустафа 2009-жылы, Америкага малай Күртстан улуттук биримдик партиясынан – бул партия анын төрагасы жана түзүүчүсү Жалал Талабаний Ирак президентине болгондон бери алсырап калган эле – чыккандан кийин түзгөн. Ушул партия Барзаний партиясына окшоп коррупция иштерине малынган. Ошондуктан, Америка жаңы көрүнүштөгү башка партияны түзүү керек деген пикирге келди. Натыйжада, Горран кыймылы пайда болду. Бул кыймыл коррупцияга каршы күрөшүү ураанын көтөрүп чыгууда, Барзанийге каршы оппозицияда иш алып баруда, Барзанийди алсыратууга жана кулатууга аракет кылууда, ушул максатта бул регионду шайлоолор аркылуу эмес, парламент аркылуу башкаруу үчүн шайлоолорду өткөрүүнү талап кылды. Бул кыймыл регион башчысынын укуктарын кыскартып, бул

укуктарды парламентке берүүнү талап кылды жана 2013-жылда региондо өткөрүлгөн парламенттик шайлоолорго катышып, парламенттеги 111 орундан 24 орунга ээ болду. Натыйжада, 38 орунду колго алган Барзаний партиясынан кийинки экинчи партияга айланды. Талабаний партиясы болсо үчүнчү орунга түшүп калып, 18 орунду гана жетишти.

– Ал эми, Түркия Барзанийди өзүнүн таасирине киргизүүгө жана аны Америка пайдасына кысымга алууга аракет кылууда. Ушул максатта Түркия бул региондо көптөгөн экономикалык долбоорлорду ишке ашырууда. Ошол эле учурда, Түркия Күртстан жумушчулар партиясы ичиндеги англистердин малайларына көрсөтүлүп жаткан ар кандай колдоп-кубаттоону үзүп коюу үчүн Барзанийге басым өткөрүүгө аракет кылууда. Белгилүү болгондой, Күртстан жумушчулар партиясынын мүчөлөрү Ирак түндүгүндөгү Кандил тоосунда топтолуп Түркияга каршы куралдуу амалияттарды өткөрүшүүдө. Түрк самолёттору ушул регионго сокку берүүдө, Барзаний каршылык билдирбей жатат, себеби, ал Түркияга муктаж. Түркия аны мамлекет башчысы катары кабылдоодо, бул региондо түрк консулдугун курду жана Түркия андан нефть сатып алууда.

Ошентип, Түркия менен Иран ролдору тышынан караганда бири-бирине карама-каршыдай көрүнөт, бирок, түпкүлүгүндө экөөсү тең Америка саясатына бүтүндөй ылайык аракет кылууда.

Экинчи абалга мисал:

– Жакында Саудия менен Иран ортосунда жүз берген кескиндик. Бул кескиндик Нимрди өлтүрүү натыйжасында жүз берди. Бир жылдан ашуун убакыт мурун, 2014-жылы 16-октябрда, мурунку король, англистердин малайы Абдуллах доорунда Нимрди өлтүрүү өкүмү чыгарылган. Абдуллах өкүмдүн аткарылышынан мурун каза болду. Бул шейх Катиф жана Ахсаны Саудиядан бөлүп чыгарып Бахрейнге кайтарып берүүгө чакырган. Белгилүү болгондой, Иран Бахрейнди өзүнүн бир бөлүгү жана өзүнүн он төртүнчү вилаяты деп эсептейт. Ушул өлүм жазасын аткарбоо

азыркы король, Америка малайы Салман үчүн ичкериде ыңгайсыз абалга себеп болушу мүмкүн. Ошондуктан, Саудия Нимрден башка дагы 46 киши өлтүрүлгөнүн жарыялады, Саудия режими алардын 43үн такфирчилер, харижийлер жана террорчу уюмдардын мүчөлөрү деп атады.

Бул, Саудия тарабынан жүз берген нерсе. Иран тарабынан болсо – тайпачылык жана мазхабчылык рухуна толо ички абал себептүү – анын тайпачылк жана мазхабчылык вакиъси мындай шейхтин өлтүрүлүшүнө нааразылык билдирүүнү талап кылат.

Бирок, бул кескиндик эки тарап (Иран жана Саудия) Америка пландарын аткарышына таасир кылбайт. Америка бул кескиндикти токтотууга аракет кылды. Америка мамлеттик департаментинин өкүлү Жон Кирби мындай деди: «Биз дипломатиялык диалог жана түздөн-түз сүйлөшүүлөр келишпестиктерди чечүүнүн негизги жолдору болуп кала берет деп ишенебиз, биз регион жетекчилерин кескиндикти басаңдатуу үчүн оң кадамдарды таштоого үндөөнү уланта беребиз». (Кудсул Арабий, 2016-жыл, 4-январь). Америка мамлекеттик катчысы Жон Керри да өзүнүн ирандык кесиптеши Жавад Зариф менен байланышып, аны менен бирге бул абалды үйрөнүп чыкты. Ошондон кийин Керри мындай деп билдирүү берди: «Биз кескиндикти басаңдатууну каалайбыз, алардын ортосунда диалогду баштап тынч дипломатиялык чечимге жетишүүнү каалайбыз». (Си-Эн-Эн, 2016-жыл, 4-январь). Ошондон кийин Саудия тышкы иштер министри Адил Жубайр 2016-жылы 4-январда «Рейтер»ге: «Тегеран үзүлүп калган дипломатиялык алакаларды кайра жандантуу үчүн нормалдуу мамлекет катары аракет кылыш керек», деди. Саудиянын БУУдагы өкүлү Абдуллах Муаллимий болсо мындай деди: «Иран менен жүз берген бул кризис Сирия жана Йемендеги тынчтык аракеттерине эч кандай таасир кылбайт, Сирия боюнча Женевада БУУ демөөрчүлүгүндө 25-январдан баштоого чечим кылынган сүйлөшүүлөргө катышабыз...». Сирияга жиберилген эл аралык өкүл Стаффан де Мистура болсо Саудияга келип, анын тышкы иштер министри Жубайр

менен жолугушкандан кийин ушуларды айтты: «Саудия Иран менен болгон кескиндиктер Сирия боюнча ушул айда Женевада өткөрүүгө чечим кылынган саясий процесске тиешелүү сүйлөшүүлөргө таптакыр жолтоо болбошун баса белгиледи». (Ал-Жазира, 2016-жыл, 5-январь). Т.а. Саудия менен Иран ортосундагы бул кескиндиктер ички темалардан болуп, алар эки мамлекеттин Сирия козголоңун жок кылуу жана бул козголоңдун исламий долбоорун бууп салуу, Сирияда кылмышкер илманий түзүмдү сактап калууга тиешелүү Америка долбоорун жүзөгө чыгарууга таасир кылбайт.

Ошентип, ички факторлор – бул факторлор жок болгонго же тынчыганга чейин – убактылуу келишпестик болуп көрүнүшү мүмкүн. Бирок, бул келишпестик Америка көзөмөлү алкагында болот, ошондуктан, Америка кызыкчылыктарына таасир кылбайт.

Үчүнчү абалга мисал:

– Ибадий (Ирак премьер-министри) түрк күчтөрүнүн Иракта турушуна каршы каршылык билдиргени. Бул маселе Ибадийдин позициясын жана анын өкмөтүнүн позициясын бекемдөө үчүн жүзөгө келди. Себеби, Ибадий жана анын өкмөтүнө болгон ишеним өтө төмөндөп кеткен эле. Ошондуктан, Америка өзүнүн малайы Ибадийдин жана анын өкмөтүнүн жүзүн кооздоп көрсөтмөкчү болду. Ушул максатта Америка ушул теманы козгоду. Америка өз малайын моралдык жактан колдоп-кубаттап, аны мамлекет коргоочусу катары көрсөтүүнү көздөдү! Түркия буга жооп катары, өз күчтөрүн Ибадийдин талабына ылайык анын күчтөрүн машыгуудан өткөрүү үчүн киргенин билдирди. Ушуну менен Түркия Ибадийдин пикирине кошулду жана өз күчтөрүн чектелген көрүнүштө алып чыгып кетти. Ошондон кийин Араб мамлекеттеринин лигасы билдирүү чыгарып Ибадий өкмөтүнүн талаптарын колдоп-кубаттады жана Түркиядан күчтөрүн алып чыгууну талап кылды. Белгилүү болгондой, Араб лигасы Америка тарабынан аракетке келтирилет. Ошентип, бул абал күрөшсүз аягына жетти!

Маалымат үчүн ушуну айтабыз, Америка Ибадийди моралдык жактан колдоп-кубатташынан сырткары, Ибадий өкмөтүнүн мындай шарттарда кулашын каалабайт. Өзгөчө, Ибадий Рамадийди азат кылууга убада берип коюп, муну жүзөгө чыгара албай Америка жардамынын бир «дозасына» муктаж болуп калгандан кийин калтырай баштады. Ошондуктан, Америка Рамадийде тынымсыз аба чабуулдарын уюштурду, Ак үй 2015-жылы 30-декабрда билдиргендей, бул чабуулдар 630га жетти. Мына ошондон кийин Ирак армиясы Рамадийдеги мамлекеттик комплекс үстүнөн көзөмөл орноткону жарыяланды.

Корутунду: Улуу мамлекетке көз каранды же анын таасири алкагындагы мамлекеттер ортосунда күрөштүн жүз бериши ыктымалдан алыс. Тескерисинче, малайларга ролдорду бөлүштүрүү бөлүмүнөн эсептелген, же ички факторлор себептүү, же малайлардын бирин колдоп-кубаттоо үчүн бирер келишпестик жүз бериши мүмкүн. Бул абалдарда ушул мамлекеттер көз каранды болгон ири мамлекеттин кызыкчылыктарына эч кандай зыян жетпейт.

**12-январь, 2016-м.**

## Финансылык кризис тууралуу

**Суроо**: *Батыш маалымат каражаттары жакында компаниялардын «Финансылык кризистин эң жаман баскычы аягына жетти, айрым Батыш мамлекеттеринин экономикасында «сакаюу» белгилери көрүнө баштады, бул болсо жумшалган күч-аракеттердин алгачкы ийгилиги болуп эсептелет», деген мазмундагы божомолдору жөнүндө кабар таратты. Мына ушул басма сөз отчётторунда экономист эксперттердин, саясатчылардын биржалар жана банктар көргөн пайдалар жөнүндө үмүт-ишеничке толгон пикирлери келтирилген жана «Нефть баасынын кайрадан көтөрүлө баштаганы дүйнөлүк экономика эң төмөн даражасына жеткенден кийин «сакая» баштаганын, бул болсо нефть бааларынын дагы көтөрүлүшүнө алып келгенин көрсөтүп турат», деген сөздөрү көрсөтүлгөн.*

*Ко-ош, чындап эле экономикада түзөлүү-оңдолуу барбы? Эгер, андай болбосо бул болгону дүйнөлүк финасылык түзүмгө кайра ишеним ойготуу үчүн маалымат каражаттарында ашыра айтылып жаткан нерселер болсо, анда акцияларда, товарларда, биржаларда жана нефть бааларында көрүнүп жаткан мындай көрүнүштөр эмне себептен болду?*

**Жооп**: Экономика оңолууда, деп өкүм чыгаруу үчүн финасылык көрсөткүчтөрдүн өзүнө гана назар таштоо, этибар каратуу ката. О.э. финасылык базарлардагы баанын көтөрүлүшүнө гана же товар бааларынын көтөрүлүшүнө гана назар таштоо да ката. Тескерисинче, бул үчүн компаниялар иштеп чыгарып жаткан продукциялардын көлөмүнө, жалпы улуттук кирешеге, жумушсуздардын санына, товарлардын бааларына, керектөөчүлөр жана компаниялардын сарптоо-каражаттарынын көлөмүнө, кыймылсыз мүлктөрдүн санына, банкрот болгондукту жарыя кылуу абалдарына – белгилүү болгондой банкроттук «Женерал Моторс» сыяктуу узун тарыхка ээ болгон компанияларга чейин жетип барды – жана башка экономикалык көрүнүштөргө назар таштоо керек болот. Мына ошодон кийин дүйнөнүн бардык тараптарында экономика оңдолуп бара жатканын көрсөтүүчү эч кандай оң көрсөткүч жок экени аян болот!

Төмөндө кризис дагы эле уланып, токтобой жатканына далалат кылган айрым маалыматтарды айтып өтөбүз:

**1 - Америкадагы экономикалык абал:**

Америкада жумушсуздук деңгээли 8,9%га жетти. Бул болсо, 26 жылдан бери күзөтүлүп жаткан эң жогорку даража. Улуттук киреше болсо, ушул жылдын биринчи чейрегинде 6,1%га кемейди. Товар сатуу келишимдеринин көлөмү товарлар менен туура келиши үчүн компаниялар сунуш кылынган товарларды экинчи дүйнөлүк согуштан берки эң төмөн даражага түшүрдү. 2008-жылдын төртүнчү чейрегинде 25,8 миллиард долларга тең көлөмдө кемейткен болсо, 2009-жылдын биринчи чейрегинде 103,7 миллиард долларга тең көлөмдө кемейтти. Жылдык инвестициялар көлөмү 38%га

кемейди, 2008-жылдын төртүнчү чейрегинде товар жана кызматтарды экспорт кылуу көлөмү 23,6%га кемейген болсо, 2009-жылдын биринчи чейрегинде 30%га кемейди. О.э. 2009-жылы март айында төлөмдөрдү төлөй албагандыктан кыймылсыз мүлктү арест кылып коюулар (каттоо) саны 341180ге жетти. Бул сан 2008-жылы март айынан бери 46%га, 2009-жылы февралдан бери болсо, 17%га көбөйгөнүн көрсөтүп турат. Булардан тышкары америка өкмөтү кулоого жүз туткан банктарга жана карызга баткан компанияларга миллиарддаган долларларды сарптады. Кошмо Штаттардын абалы ушундай болсо, калган Батыш мамлекеттеринин дал ушундай абалды башынан өткөрүп жатканына күмөн жок.

**2 - Германиядагы экономикалык абал:**

Германияда жумушсуздук даражасы 8,2%га жетти. Бул болсо экинчи дүйнөлүк согуштан бери күзөтүлүп жаткан эң жогорку көрсөткүч. Эгер, шайлоолор жакын болбогондо жана өкмөттүн жумушсуздук деңгээлин жарыя кылууда карманган жолу болбогондо, жарыя кылынган жумушсуздук даражасы көрсөтүлгөн көлөмдөн кыйла көп болмок. Мисалы, 2009-жылы 28-майда федералдык жумушчулар бюросу иш орундарын жоготуп жаткан кызматчылардын саны барган сайын көбөйүп бара жатканын, кызматчылардын канчасы иш ордунан куру жалак калганына тиешелүү чыныгы маалыматтар өзгөртүлгөнүн маалым кылды. Муну менен бир катарда барган сайын өсүп бара жаткан жумушсуздардын санын кемейтүүгө урунуп, иш сааттары кыскартылууда. Кредит секторундагы экономист эксперт Эндрс Рез жумушсуздук даражасы жөнүндөгү чыныгы маалыматтарды тескери кылып көрсөтүү үчүн, июнь айында бул жумушсуздук даражасын оңдолгондой кылып көрсөтүү үчүн бул маалыматтар өзгөртүлгөнүн айтып, мындай дейт: «Бул жерде жакында дагы бир канча кызматкерлер өз иш орундарынан айрылат, буга күмөн жок... Иш орундары менен камсыздоо сектору немис экономикасынын түзөлүү жолундагы бир алсыз чекит болуп калды».

Мунун үстүнө, оор өнөр-жайынын жана жабдыктар өнөр-жайынын башкармалыгы немис өнөр-жайы дагы эле күчсүз болуп калып жатканы жана эл аралык талаптарга жооп бере албай жатканы жөнүндө тынчсыздануу билдирди.

Немис курулуш өнөр-жай секторунда өткөн жылга салыштырмалуу апрель айында 58% төмөндөө күзөтүлдү. Бул болсо, ушул сектор пайда болгондон бери анын эң чоң артка кетиши болуп эсептелет. Оор өнөр-жай мекемеси «Дүйнө жүзү боюнча талап 60%га, жергиликтүү талап болсо 52%га кыскарды. Европадагы эң чоң экономика ээси болгон немис өкмөтү бул жылы болгону 6% гана контракт түзүүнү божомол кылууда. Бул болсо, эң төмөн көлөм. Айрым экономист көзүтүүчүлөр өкмөттөн да үмүтсүз божомолдорду билдиришүүдө», деп билдирди.

**3 - Жалпы Европадагы экономикалык абал:**

2009-жылы май айында жумушсуздуктун өсүшү себептүү чакан соода тездик төмөндөп кеткен. Т.а. керектөөчүлөр мүмкүн болушунча сарптоону кыскартышкан. «Бломбург» компания директорлорунун айтымында, керектөөчүлөр дагы эле жумуш биржасынан жумушсуздар саны тынымсыз өсүп бара жатканы жөнүндөгү жаман кабарларды угушууда. Амстердамдагы «Форч нидерланд банкындагы» Европалык экономисттердин башчысы Ник Конс мындай дейт: «Европада жумушсуздук даражасы март айында 8,9%га өстү. Бул болсо, үч жылдан бери күзөтүлгөн эң жогорку даража. Еврокомиссиянын айтымында, бул салыштырма өлчөө 2010-жылы 9,9%га, кийин 11,5%га өсөт жана евро регионунун экономикасы ушул еврокомиссиянын айтымына караганда, бул жылы 4%га кыскарат. Буга экспорттун артка кетиши жана компаниялардын жумушчулар санынын кыскартышы себеп болот».

**4 - Япониядагы экономикалык абал:**

2009-жылы апрель айында Японияда жумушсуздук даражасы 5%га жетти. Бул болсо, беш жылдан бери күзөтүлгөн эң жогорку көрсөткүч. Ички

иштер жана алака министрлиги тарабынан чыгарылган отчётко ылайык, Японияда 3,46 миллион жумушсуз бар. Бул өткөн жылдын апрель айынан 25,8%га көп. Ал жерде иш издеп жаткан 100 кишиге болгону 46 иш ордуну гана туура келет. Бул болсо 1999-жылдан бери бул сандын дагы да жамандашуусуна алып келүүдө.

Өкмөт негизги керектөө продукция бааларынын көрсөткүчүн чыгарды. Бул көрсөткүчтө өткөн жылдын апрель айы менен бул жылдын апрель айына салыштырганда 0,1%га артка кетүү болгону көрүнүп турат. Март айында керектөө продукция бааларынын көрсөткүчүндө – жаңы жеткирилип берилген азык-түлүк баалары мындан буга кирбейт – төмөндөө болгонун көрсөттү. Бул бир жарым жылдан бери күзөтүлүп жаткан биринчи төмөндөө. Көрсөткүч дүйнөлүк экономикалык сенектик шартында суроо-талапта да төмөндөө болгонун көрсөттү.

Апрел айында өткөн жылдын дал ушул айына салыштырганда үй-бүлөлөрдүн сарптоо-каражаттары да 1,3%га төмөндөгөн. Үй-бүлөнүн сарптоо-каражаты болсо жеке керектөөнүн негизги көрсөткүчү болуп эсептелет жана ал Япония жалпы жергиликтүү продукциянын жарымынан көбүрөгүн түзөт. Япониянын жалпы жергиликтүү продукция иштеп чыгаруусу болсо 10%га кыскарды, себеби бул продукция январдан март айына чейин япон экономикасынын 1947-жылдан тартып эң жаман артка кетиши көрүнүшүндө кыскарды. «Азия экономика тобунун» төрагасы Гелн Межрдин айтымында, өсүүдө 10% артка кетүү сенектик болуп эсептелет, Япония болсо, өз экономикасынын кыскарышы себептүү бул жылдагы 9,7% салыштырмалуу сан менен ушул чегарага жетейин деп калды. Бул болсо экономикалык кризис өнүккөн экономика болгон япон экономикасына катуу сокку бергенин баса белгилеп турат.

**5 - Дүйнөдөгү экономикалык абал:**

Дүйнөлүк экономика «сакаюуга» карай бара жатабы же жокпу, буга эң көп далалат кылган көрсөткүч азыркы дүйнөлүк экономиканын

«саламаттыгы» болуп саналат. Мисалы, «Нью-Йорк таймс» гезитинин жазышынча, өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин экономикасы өзүнүн бир нече он жылдыктардан берки эң жаман жылдык чейрегин башынан өткөрдү. 2009-жылы 25-майда «Кызматташтык жана экономикалык өнүгүү» уюмунун билдиришине караганда болсо, бул жерде эң жаманы али алдыда экенине далалат кылып турган көрсөткүчтөр бар. Бул уюмга мүчө болгон отуз мамлекеттин жалпы продукция иштеп чыгаруусу ушул жылдын биринчи чейрегинде мурунку жылдын чейрегине салыштырганда 2,1% кыскарган. Эгер, мындай сан өзгөрбөй тура берсе бул 1960-жылдан берки, уюм ушундай маалыматтарды топтой баштагандан берки эң көп төмөндөө болот. 2008-жылдын акыркы чейрегинде уюм мүчөлөрүнүн улуттук продукция иштеп чыгаруусу 2% төмөндөдү.

Дүйнөлүк Банкка ылайык, «Кызматташтык жана экономикалык өнүгүү» уюму мамлекеттеринин экономикасы дүйнөдөгү жалпы улуттук кирешенин 71%ын түзөт. Бул экономикалар өткөн жылдын биринчи чейрегинде 4,2% кыскарды. Американын бул уюмдагы салымы 0,9% болду, ошол эле учурда Япониянык 1%, евро регионундагы эң ири 13 мамлекеттики 1,3%, калган мамлекеттердики болсо 1% болду. Ошол эле учурда, бул уюм мүчөлүгүнө кирбеген аз сандагы мамлекеттердин бири Кытай экономикасы биринчи чейректе өсүүнү көрсөттү.

Булардын баары дүйнөлүк экономика чындыгында экономикалык кризистен али өзүнө келбегенине, оңолбогонуна, тескерисинче бул кризистен али да зыян көрүп жатканына далалат кылат.

Эми, акция базарларындагы, товарлар жана кызматтар бааларындагы көтөрүлүү эмне үчүн күзөтүлүп жатканына келсек, бул төмөндөгү үч себепке барып такалат:

**Биринчиден:** Америка өкмөтүнүн камсыздандыруу компаниясы «**AIG**»га салык төлөөчүлөрдүн акчаларынан 173 миллиард доллар менен жардам берилиши. Компания бул каражаттын 90 миллиардын өзүнүн

Америка жана Европа банктарынан алган карыздарын төлөө үчүн сарптады. 2009-жылы 15-мартта **«AIG»** компаниясы бир нече банк жана мекемелерге акча таркатканы маалым болду. **«Goldman»** банкы баары болуп 12,9 миллиард доллар, **«Мерил линч»** банкы 6,8 миллиард доллар, **«Bank of America»** банкы 5,2 миллиард доллар, **«Сити групп»** 2,3 миллиард доллар, **«Wachovia»** 1,5 миллиард доллар, **«Barclays»** 8,5 миллиард доллар жана швецариянын **«UBS»** банкы 5 миллиард доллар алды.

**«AIG»**ны куткаруунун маанилүүлүгү жөнүндө түшүндүрмө берип, америка резервдик фондунун **(Ben S. Bernanke)** төрагасы мындай дейт: «**AIG»** компаниясы түрдүү алгылыктуу эмес күрөөгө алууларды ишке ашырган. Мына ушул күрөөгө алуулардын кыйраганы маалым болгондон кийин ушул компания да кыйрады жана финасылык базар түзүмүндө кулоо жүз берди». Өкмөт мына ушул банктарды түздөн-түз колдоп-кубаттап, элдин кыжырын келтирбөө үчүн оболу **«AIG»**ны колдоп-кубаттады, бул компания да өз кезегинде мына ошол акчаларды банктарга жеткирип берди. Арийне, мына ушул банктардын бир канчасы пайда көрүшкөнүн жарыя кылды. Мисалы, **«Bank of America»** ушундай кылды. Бул банк 4,2 миллиард доллар пайда көргөнүн жарыя кылды. **«Сити групп»** болсо 1,6 миллиард доллар жана **«Goldman Sachs»** 1,8 миллиард доллар пайда көргөнүн жарыя кылды. Европада болсо, **«Barclays Bank»** 5,28 миллиард фунт стерлинг пайда көргөнүн жарыя кылды. Натыйжада, бул банктардын акцияларынын баалары көтөрүлүп кетти.

Түпкүлүгүндө болсо, акция бааларынын көтөрүлүшүнө пайда алып келе турган экономикалык жандануу себеп болгон жок, тескерисинче буга эч канча убакыт өтпөстөн таасири түгөй турган ошол колдоп-кубаттоо себеп болду.

**Экинчиден:** Ушул жылдын башында америка өкмөтү америка банктарына колдоо көрсөтүүгө тиешелүү программасын жарыя кылды. Мындай программадан максат бул банктардын абалы жакшы, алар кыйын

абалда эмес, деген элести берип инвесторлордо америка банктарына ишеним ойготуу. Бул программа америка казынасынын башкы секретары (**Timothy Geitner)** тарабынан банктардагы «жаман» активдердин көбү бюджет жадыбалынан чыгарылып ташталышы мүмкүн, деген элести берүү үчүн иштелип чыкты. 2009-жылы 6-майда өкмөт **«JP Morgan»** жана **«Goldman»** сыяктуу айрым банктар өкмөттүн колдоосуна муктаж эмесин, ошол эле учурда **«Bank of America»**, **«Morgan»** жана **«Stanley»** сыяктуу банктар өкмөттүн айрым колдоосуна муктаждыгын жарыя кылды. Кыскасы он эң чоң америка банктары 75 миллиард долларга гана муктаждыгы т.а. оңойлук менен каптоого мүмкүн болгон каражатка гана муктаждыгы, ошондуктан өкмөттүн конгресстен кошумча колдоп-кубаттоо талап кылышына кажет жок экени жарыя кылынды! Мына ушул себептен улам жана ушул билдирүүлөр натыйжасында америка банктарынын акциялары көтөрүлүп кетти. Мисалы, **«Wells Fargo»** акцияларынын баасы 8,5%, **«Morgan Stanley»** 0,9%, **«Bank of America»** 4% жана **«Citigroup»** акциялары 7% көтөрүлдү. Мунун акциялар баасын көтөрүү максатында рухий үгүт колдоосуна окшогон нерсе экендиги анык көрүнүп турат. Бул алып-сатармандар ишинин дал өзү. Себеби, алып-сатармандар бирер компаниянын экономикалык абалы ылдамдап жатканы же мына ушул компаниянын алга ылдамдашы күтүлүп жатканы жөнүндө белгилүү бир кабар, ушак-кептерди таратып ушундай иш жүргүзүшөт. Натыйжада, бул нерсе акцияларга болгон ишеничтин көбөйүшүнө жана акция бааларынын көтөрүлүшүнө алып келет. Алып-сатармандыктан ыплас максат жүзөгө чыккандан кийин кайра төмөндөө же кулоо башталат. Азыркы экономикалык кризистин себептери жөнүндө да ушундай десе болот. Ошондуктан, инвесторлордун кубанганына карабастан, бир канча күзөтүүчүлөр мындай тажрыйбалар жаман натыйжаларга алып келишине шилтеме кылып жатканын айтышты. Мисалы, Мик Холанд түшүндүрмө берип мындай дейт: «Базарлардагы мындай тажрыйбалар убакытты текке кетирүү болуп эсептелет». **«Praxis Trading»** компаниясы менен валюта

соодасын жүргүзүүчү Яра Харис болсо, мындай дейт: «Эң жаманы бул жерде алдоо жана ката нерсени тажрыйба кылып көрүү болуп жатканы. Жумушсуздук даражасы жөнүндөгү кеп-сөздөргө же **«Citigroup»** тобу **«JP Morgan»**дан көрө күчтүүрөөк, деген сөздөргө келсек, мен үчүн булар күлкүнү келтире турган иштер. Ошондуктан, эгер бул иш-чаралар түгөсө бактылуу болор элем. Мен башкалардын «банк структурасынын жамандашуусу жакынкы өткөн жылдарда жүз берди. Азыр банктардын абдырап калганын мына ушундан түшүнүп алса болот», деген пикирлерине кошуламын». 2009-жылы 4-майда «Эл аралык финасылык көзөмөлдүн» эсеби боюнча америка финасылык мекемелеринин дүйнө бойлоп өкүм сүрүп жаткан кредит кризиси акыбетте көргөн зыяны 2,7 триллион доллар болду т.а. алты ай мурунку божомолдордон эки эсеге көп болду.

**Үчүнчүдөн:** Ушул жылдын башында америка фонду жана британия банкы банктардын «жаман» активдерин, компаниялардын кымбат балуу кагаздарын жана башка «жаман» финасылык активдерди сатып алууну баштоо пландарын жарыя кылды. Барган сайын көп акча таштоо – анык инфляцияга жана товар менен кызмат баасынын көтөрүлүп кетишине алып келиши табигый. Себеби, сунуш кылынып жаткан акчанын барган сайын көбөйүшү сатып алуу кубатынын алсызданышына, арийне инфляцияга т.а. баалардын көтөрүлүшүнө алып келет. Ошондуктан, британия банкы азыртадан тартып эле экономикада инфляциянын көтөрүлүшүнөн, бул болсо 1930-жылдан берки эң төмөн даражага жетип калган экономикадагы кыйынчылыктарга алып келишинен тынчсыздануу билдире баштады. Британия банкы тарабынан чыгарылган билдирүүдө мындай делет: «Бул жерде кубанта турган белгилер бар. Себеби, жамандашуу «дөңгөлөгү» секиндей баштады. Бирок, бул басаңдоо инфляция көтөрүлгөндүктөн артка кете баштады, себеби инфляция 2,9%га жетти, бул болсо күтүлгөндөн т.а. 2%дан кыйла жогору». Нефть баасынын эмнеге 36 доллардан 58 долларга көтөрүлгөнүн ушудан түшүнүп алса болот. Т.а. нефть баасынын көтөрүлүшү

ага болгон талаптын көбөйүп бара жатканына далалат кылбайт. Себеби, 2009-жылы энергияны керектөө экинчи дүйнөлүк согуштан бери биринчи жолу төмөндөдү. Бул болсо дүйнөлүк экономика оңдолуудан абдан алыс экенин анык көрсөтүп турат. Адатта нефть баалары доллар баасы төмөндөгөндө көтөрүлөт мына ушудан да пикирлеп көрүү керек. Ошондуктан, нефть баасынын көтөрүлүшү албетте ага болгон талаптын көбөйгөнүн көрсөтпөйт. Себеби, Америка доллар баасы түшүп кетишине жол койбоо үчүн нефть баасын монополия кылууда.

Ушуга караганда, демек Батыш экономикасы түзөлүп, оңдолуп жатат, дешке али эрте. Батыш өкмөттөрүнүн пайда ставкасын (проценттик ставка) төмөндөтүү жана «жаман» активдерди сатып алуу саясатын жүргүзүшүнөн максат экономикалык кулоону басаңдатуу гана, андан башка нерсе эмес. Басаңдатуу биякта турсун, балким Батыш өкмөттөрүнүн базарларды акчага толтуруп жибериши инфляцияга, товар базарынын кыйроого жүз тутушуна, акчалардын «көбүк» болушуна жана мына ушундан кийин дүйнө башынан өткөрүп жаткан кризистен да чоңураак кырсыкка алып келиши күтүлүүдө.

**30-май, 2009-м.**

## Франция-Германия-Россия саммити

**Суроо:** *Өткөн апта, аныгы 2010-жылы 18-19-октябрь күндөрү Франциядагы «Довиль» эс алуу борборунда президент Сарказийдин сунушу менен үч тараптуу саммит болуп өттү. Самитте Германия канцлери Ангела Меркел менен Россия президенти Дмитрий Медведев катышышты. Ко-ош, бул саммит Франция, Германия жана Россия ортосундагы жаңы көпүрө курулуп жатканынан кабар берип жатабы? Эгер, андай болсо, самиттен көздөлгөн максат эмне? Бул жолугушуу бүгүнкү эл аралык абалда канчалык мааниге ээ? Же бул саммит кызыкчылыктарды бөлүштүрүп алуу үчүн мамлекеттер ортосундагы өткөрүлүп жаткан жолугушуулар сыяктуу жөнөкөй жолугушуу элеби?*

**Жооп:** Сарказий бул саммитти жергиликтүү жана эл аралык бир абалда уюштурду:

Жергиликтүү абал ушундай, Франция пенсиондук системаны реформалоо деп аталган мыйзамдын чыгарылышынын артынан күчтүү тартипсиздиктер бороонуна туш келди.Эл аралык абал болсо, андан да маанилүүрөөк, алар төмөндөкүлөрдө көрүнөт: 2010-жылы 19-ноябрда Лиссабон саммити болуп өтөт. Самитте ракеталарга каршы калкан жана ядролук курал маселеси талкууга алынат. О.э. 2010-жылы 11-12-ноябрда Түштүк Кореяда 20 чоң мамлекеттердин саммити (G20) болуп өтөт. Бул самитте эл аралык абал талкууланып, аны реформалоо үчүн Сарказий жаңы эл аралык валюта түзүмүн куруу сунушу менен чыгат. Мындан тышкары, Франция ушул «G20» саммитинен кийин анын бир жылга созулган жетекчилигин кабыл кылып алууга даярданууда.

1 – Ушул үч тараптуу саммит эл аралык позицияга алакадар саммит болгону үчүн да чоң мааниге ээ. Т.а. бул үч тараптуу саммит ушул чоң мамлекеттердин (Франция, Россия, Германия) бири-бирине карата о.э. биринчи мамлекет болгон Америкага карата позицияларына байланыштуу. Түпкүлүгүндө, Германия эл аралык майданда чоң мамлекет болбосо да, бирок, Германияда чоң мамлекеттин сыпаты бар. Андан тышкары, ал Европа Союзунун курамындагы чоң мамлекет болуп эсептелет.

Чамасы, Сарказий Франция-Германия-Россия көпүрөсүн кайра тикелөөгө аракет кылып жаткан көрүнөт. Бул көпүрө анын о.э. кесиптештери Меркел жана Медведевдин бийликке келишинен мурун эле турчу. Меркел жана Медведевдин да бул учурашуудан кызыкдар болгондуктан Сарказийдин сунушуна кошулушту. Мындан улам, үчөөсү тең бул саммиттен өз кызыкчылыктарына ээ болуп, өз кызыкчылыктарын жүзөгө чыгарууга үмүт кылышууда. Мисалы, «France-Presse» агенттиги 2010-жылы 18-октябрда мындай кабар берет:

«Немис делегациясынын булактарына ылайык, Меркелдин ушул саммит артындагы негизги максаты, Россия экономикасын Европа экономикасынын механизмине кошуу маселесине олуттуу маани берүүгө кошумча, Европа коопсуздук долбоору болуп саналат». «France-Presse» агенттиги дагы мындай кабар кылат: «Россия делегациясынын булактарына ылайык, Россия, бул саммит Европа үчүн да, дүйнө үчүн да пайдалуу болушу мүмкүн болгон о.э. Россия менен аны Европадагы бир кубат деген этибардагы оң мамиле болуп саналат деп эсептейт». Бул агенттик дагы мындай деп кошумчалайт: «Франция кичине ядролук коргонууга ээ мамлекет. Ошондуктан, ал НАТО менен Россия ортосунда Европада ядролук куралданууну токтотуу жаатында келишим түзүлө турган болсо, бул Францияга кымбатка түшөт деп кабатырланып жатат. Айрыкча, Британия өзүнүн ядролук арсеналын жаңылап отурбастан, ядролук куралдан баш тарта баштады. Берлин да ракеталарга каршы калканды оң кадам деп баалап жатат». «France-Presse» агенттиги үч мамлекеттин жетекчилери «жаңы кызматташтык жаратуу максатында аракет кылууга келишим түзүшкөнүн» о.э. «жада калса, алар өз ара карама-каршы маселелерде да калыс, ачык жана жакшы ниеттер менен талкуулашын» да кошумчалады. Бул болсо үч мамлекеттин тең өз ара кызматташтыкты тикелөө аркылуу ишке ашырмакчы болуп жаткан өз кызыкчылыктарына далалат кылат.

2 – Бул кызыкчылыктар төмөнкүлөр:

Франциянын пикиринде, анын ядролук куралдары Американын басымы астында калды. Мисалы, 2010-жылы 12-13-апрелде Вашингтондо болуп өткөн ядролук коопсуздук конференциясында Америка президенти Обама Европаны (өзгөчө Францияны) ядролук куралданууну токтотууга, анын ордуна ракеталарга каршы калкан түзүмү менен чектелүүгө чакырды. Бирок, Франция өзүнүн ядролук куралдарынан баш тартууга ыраазы болбоду. Ошондо, президент

Сарказий мындай деген эле: «Франция дүйнө туруктуу жана коопсуз экенине толук ишенмейин, мындай куралдарынан бир күн да баш тартпайт». Кийин ал бул маселеге мындай түшүндүрмө берди: «Бул түзүм (ракеталарга каршы калкан түзүмү) Франция баш тартууну каалабай жаткан ядролук коргонууга карата кошумча болушу мүмкүн» («France-Presse» агенттиги 2010-жыл, 19-октябрь). Франция келерки Лиссабон саммитинде Германия менен Россия анын тарабында туруп, Америкага каршы турууда анын пикирине кошулуулары үчүн ушул эки мамлекеттин жардамында кубаттанып алууну каалоодо. О.э. Франция Европанын ядролук куралданышын токтотуу жана анын ордуна ракеталарга каршы калкан түзүмүнө өтүүдө Америка менен Европа ортосунда түзүлмөкчү болуп жаткан келишимге тоскоолдук кылууну да каалап жатат.

Ал эми, Германия болсо – жогорудагы агенттиктин кабарына ылайык – соңку кезде «ядролук коргонуунун ордун басуу үчүн ракеталарга каршы калкан түзүмү сунуш кылынды» деп, жар сала баштады. Бул агенттик «Бирок, Меркел Франциянын кыжырын келтирбестикке аракет кылып, ядролук куралданууну токтотуу ар тараптуу алмашуу принциби негизинде гана ишке ашышы тийиш деди», деп кошумчалады. Германия ядролук куралданууну токтотууну колдоодо, ал ядрого ээ да эмес, ага ээ болуудан тыюу салынган дагы. Дал мына ушул чекитте Франция менен келише албай жатат. Бирок, Меркел ядролук куралданууну жалгыз Франциянын өзү же жалгыз Европанын өзү токтотпошун, аныгы, ядрого ээ башка мамлекеттер да токтотушун каалап, оболу Россияга шилтеме кылууда. Германия НАТО коркунучун өзүнөн алыстатуу үчүн Россиянын НАТО менен кызматташтык кылышында өзү үчүн кызыкчылык бар деп билет. Ошондуктан, Меркел: «Дмитрий Медведевдин НАТО саммитинде катышууга макул болгондугу абдан кубантчу кабар», - деди.

Эми, Россияга келсек, эгер Америка аны кызыктыруучу факторлорду сунуштап, аны бутага албаганына ишендире алса, анын ракеталарга каршы калкан түзүмүнө карата позициясы макул болуучу позициядан башка нерсеге алып барбайт. Мисалы, Медведев бул үч тараптуу саммиттин артынан мындай деди: «Россия Европа Союзунун ракеталарга каршы калкан түзүмүнө кошулууга чечим кабыл алган жок». Дагы мындай деди: «Биз азыр бул пикирди үйрөнүүдөбүз. Бирок, менин оюмда, НАТОнун өзү Россиянын ушул түзүмгө кошулушунда анык элес ээ болуп алышы о.э. мындай кошулуу жана келишимдер акыбети эмне болушун аңдап жетиши зарыл. Себеби, бул келишимдер жогорудагы маселени да, кызматташтыгыбыздын келечегин да кыйын абалга сасып коюшу мүмкүн». Медведев Россия менен НАТО ортосундагы алакалар Довиль саммитинде каралганын айтып, мындай деди: «Мен 20-ноябрда боло турган Россия-НАТО саммитинде катышуу үчүн Лиссабонго бармакчымын. Пикиримде, бул нерсе Россия менен НАТО ортосунда проблемаларды чечүүгө о.э. диалогду өнүктүрүүгө жалпы түрдө жардам берет» («Россия Сегодня», 2010-жыл 19-октябрь).

Чындыгында, Россия президенти ракеталарга каршы калканга күмөн менен карап жатканына ишарат кылууда. Ракеталарга каршы калкан түзүмүнөн эмне көздөлүп жатканын, анын программасы кандай экендигин, Россия үчүн кандай кепилдиктери бар, мунун тушунда Россияга эмне берилиши мүмкүндүгүн түшүнүүнү каалоодо. Ошого карабастан, бүгүнкү күндө Россия Американын жолуна – ушул маселеде мурун жүз бергендей – жолтоо болууну да каалабай жатат. Тескерисинче, Америка Россияга дүйнөнүн иштерин өзү менен бирге башкара турган улуу кубат катары карашы үчүн Америка менен жакындашып иш алып барууда. Америка Россияга бул этибарды каратышы үчүн о.э. дал Советтер Союзу доорунда болгондой, дагы дүйнөнүн иштерин башкарууга аны өзүнө шерик кылышы үчүн Россия

Америкага кээде жасакерленип, кээде кичи пейилдик кылууда. Россия – Франция менен Германия Америкага каршы тура албашын жакшы билет. Ошондой болсо да, алар менен Америкага каршы фронт ачуу анчалык пайда бербейт деп эсептөөдө. Россия бул эки мамлекет Россияга бекем эмес, себеби экөөсү тең Россиядан өз кызыкчылыктары үчүн пайдаланып алууга аракет кылып жатышканын жакшы билет.

3 – Франциянын Франция-Германия-Россия көпүрөсүн жандантышы күтүлүп жаткан иш эмес. Анткени, бул мамлекеттердин максат жана идеялары бири-бирине карама-каршы:

Россиянын максат жана идеялары төмөнкүчө: Россия Франция менен толук келишкен жок, себеби Франция да, Германия да Россиянын талаптарын аны ыраазы кыла турган таризде кабыл алышпады. Экөөсүнүн тең кечиктирип жатышканы көрүнүп калды. Бул артка сүрүү Россия жарандарынын Европага кирүү визалары маселесинен көрүнүп турат. Анткени, Франция Россиядан Россия ядролук курал маселесинде Америкага каршы туруу үчүн Франциянын тарабын алдырып пайдланмакчы. Себеби, Россия чоң ядролук арсеналга ээ жана алардан баш тартууну ойлоп да көрбөйт. Ракеталарга каршы калкан да Россияны тынчсыздантып жатат, анткени, бул ага байланыштуу жана анын бет маңдайына орнотулган.

Франциянын максат жана идеялары төмөнкүчө: Сарказий Америка өкүмдарлыгы астындагы эл аралык валюта түзүмүн реформалоого чакырат жана бул чакырыгына тарапкерлерди тапмакчы. Анткени, 1944-жылы түзүлгөн ушул Бреттон Вудс келишимин кайра карап чыгуу зарыл болуп жатат. Америка бул келишим аркылуу Эл аралык Валюта Фонду, Дүйнөлүк Банк сыяктуу өзү түзгөн эл аралык финансы мекемелеринин жардамында дүйнөлүк экономика үстүнөн өкүмдарлык кылууга жетишти. О.э. Америка долларды эл аралык валютага о.э. алтын жана жергиликтүү валюталардын өлчөөсүнө айланта алды.

Сарказий эл аралык финансылык кризис 2008-жылы эң чокусуна чыккандан бери жогорудагы чакырыгын токтотпой келе жаткан болсо да, бирок, аны ишке ашыра албай жатат. Себеби, буга Америка тоскоолдук кылууда, ал эми, Франция болсо муну ишке ашыруу үчүн дүйнөдөгү мамлекеттерди топтогонго кудурети жетпей жатат.

Франция ядролук куралдар, ракеталарга каршы калкан жана эл аралык валюта түзүмү сыяктуу маселелерде Америкага каршы туруу үчүн Германия менен Россиянын жардамында кубаттанып алмакчы. Бирок, бул оңой иш эмес. Себеби, Россиянын Америка менен белгилүү бир кызыкчылыктары бар о.э. Германия да ядролук мамлекет эмес. Мындан тышкары, Германия Америка түзгөн эл аралык экономикалык мекемелер менен алаканы үзүүгө да батына албайт.

О.э. Сарказий өз калкы алдында о.э. ички саясий күчтөр каршысында өз позициясын ички жактан бекемдеп алмакчы. Жада калса, ал пенсиондук түзүмүн реформалоо жөнүндө мыйзам чыгарууга кадам койду. Бул мыйзам өткөн күнү 2010-жылы 26-октябрда сенат тарабынан тастыкталган соң, бүгүн 2010-жылы 28-октябрда Франция парламенти тарабынан кабыл алынды. Сарказий бул жолдо бүткүл Франция тартипсиздиктер боронуна кириптер болуп жатканына да көңүл бурбады. Себеби, Сарказий өзүн Франция үчүн чоң иш кылып жаткан, Германияны да, Россияни да өз тарабына алган, Франция туш келип жаткан коркунучтарды жеңип, өлкөнү куткарууну каалап жаткан жетекчи кылып көрсөтмөкчү. Муну Германия да, Россия да түшүнүп турат. Алар Франциянын өз ички проблемаларын чечүү үчүн алар менен жолугушууга таянып жатканын да билип турушат.

Немистерди максат жана идеялары болсо төмөнкүчө: Немистер өз соода компанияларын каражат жаткырып, пайда алуу үчүн Россияга жөнөтүүнү токтотпой, ал тургай, Россия дарбазалары алар үчүн кенен ачык болушун каалашат. Себеби, муну менен немистер Россияда

каалаган нерсесин кылып, орустар Европада мындай мүмкүнчүлүккө ээ болбошу керек. Ошону менен бирге, немистер өз товарлары үчүн Россия базарлары кенен ачык турушун, орустар болсо Европага келип, Батыш ишкерлеринен пайдаланбашын о.э. Европага каражат жаткырбашын, Европа дарбазалары орустар үчүн жабык боюнча калышын каалайт. Мисалы, Советтер Союзу урагандан тартып, ушул күнгө чейин Европа орустарга түрдүү тоскоолдуктар коюп келгендиктен, орустардын Европага барышы жеңил болбойт. Орустар Москвадагы Европа элчиликтеринен оңой виза ала алышпай жатат. Ал эми, Европа соода компаниялары болсо эркин Россияга барышып, ал жерге каражат жаткырышууда, ал жерден товарларды экспорт кылышууда. Катардагы орус соодагерлери болсо машина сыяктуу Европа товарларын Латвия, Литва сыяктуу Балтика боюндагы республикалар аркылуу алышууда. Т.а. бул республикаларга барышат, бирок, Европага өтө алышпайт. Себеби, Россияга коңшу болгон бул республикалардын жарандары беймарал Европа борборуна, өзгөчө, Германияга чейин барышат да, ал жерлерден орустарга товар алып келип беришет. Себеби, алардын республикалары 2004-жылдан бери Европа Союзуна мүчө. Мындан мурун ушул Балтика боюндагы республикалардын жарандарына Советтер Союзунан бөлүнгөндөн тартып, чоң укуктар берилген болчу. Максат, бул мамлекеттерди Европа Союзуна киригизип алуу. Чындыгында, бул нерсе ишке ашты. Ушуларга ылайык, демек, Франция, Германия, Россия ортосундагы ушул саясий жана экономикалык күрөштөр айтылган көпүрөнүн кайра курулушуна кыйынчылык туудурууда.

4 – Ошондуктан, Германия менен Франция биргеликте ушул үчтүк саммитине параллель түрдөгү фаранг-немис саммитин өткөрүшүп, экөөсү өз кызыкчылыктарын үйрөнүп чыгышты... Чындыгында, фаранг-немис билдирүүсү да чыгарылды. Билдирүүдө эки

мамлекет ушул жылдан 2013-жылга чейин иштөөчү Лиссабон келишимин кайра карап чыгууну талап кылышты. О.э. бул эки мамлекет «Келечекте кризистер үчүн туруктуу чечимдерди камсыздоого каратылган туруктуу механизм иштеп чыгуу» сыяктуу талаптарды коюшту. Франция менен Германия Европа Союзун кабыл алышкан, мындан улам, аны болгон күчү менен коргоону каалашат. Ошону менен бирге, Европа Союзун экономикалык өсүү аркылуу Россияга каршы күчөтүүнү, Россияны бул Союзга экономикалык жактан кошпоону да каалашат. Ошондуктан, Медведевдин Европага Россия жарандарынын кирүү визаларын бекер кылышын бир канча жолу талап кылышына карабастан, Франциянын да, Германиянын да бул жааттагы пикирлери кечиктирип, созуу боюнча калууда. Меркел бул маселеге: «Биз визалар маселесинин Россия үчүн абдан маанилүү экенин билебиз, муну бир ирмемде аткарып болбогондуктан, ага баскычтап баруу зарыл», - деп жоп берген. Сарказий да: «Визалар орус досторубуз үчүн маанилүү маселе, демек, ал жөнүндө сүйлөшүбүз мүмкүн», - деп жооп берген. Кийин болсо энергетика маселесине шилтеме кылып: «Башка маселелерди максат кылып койгон президент Медведевдин талабын этибарга алабыз», - деп кошумчалады. Кийин: «Эч кандай проблема жок, бири-бирибизди түшүнүүгө аракет кылабыз, маанилүүсү – утушка жетишүү», - деп койду.

**5 –** Корутунду мындай, Довиль саммити мына ушул үч мамлекет тарабынан өткөрүлдү. Алардын ар бири белгилүү бир кызыкчылыктарды көздөп, бул кызыкчылыктардын айрымдары жекече болсо, айрымдары үчөөсүнө тийиштүү жалпы. Бирок, бул жолугушуунун натыйжасында кандайдыр бир жаңы бекем көпүрө түзүлүшү күтүлбөйт. Ошого карабастан, бул саммиттин өткөрүлүшүнүн өзү эл аралык таасирге ээ кадам болуп эсептелет. Себеби, Европа мамлекеттери кыйла жылдардан бери теориялык жактан болсо да, өз

ара борбор түзүү максатында Америкадан өзүнчө чогула албай жатышат.

**28-октябрь, 2010-м.**

### Чоң жыйырма саммити боюнча берилген суроолорго жооп

### Жигиттер үчүн маалымат

Ушул жылы, 14-15-ноябрда «G20» деп аталган саммит болуп өттү. Анда дүйнөдөгү экономикалык кризиске таандык маселелер талкууга алынды. Саммитте алып барылган сүйлөшүүлөр же жолугушуулар жөнүндө сөз кылуудан мурун ушуга алакадар айрым маалыматтарды эстетип өтүү маанилүү.

2. Азыркы дүйнөлүк финансылык система акыркы кездерде бир нече финансылык кризистерге себеп болду. Буга мисал кылып, Мексикадагы 1994-1995-жылдардын ортолорунда жүз берген кризисти, 1997-1998-жылдары жүз берген «Азия жолборстору» кризисин, 1999-жылдагы Аргентина кризисин келтирүүгө болот. Бул кризистер «G20» комиссиясын түзүүгө мажбур кылды. Ал расмий түрдө «жыйырма финансылык министрлер жана өкмөттөрдүн борбордук банктарынын уюму», деп аталат. Аны түзүү 1999-жылы, 26-сентябрда жети финансылык министр «G7»дан башталды. Анын биринчи жыйыны 1999-жылы, 15-16 декабрда болуп өткөн.

3. «G20» уюму 20 экономикасы өнүккөн мамлекеттердин финансылык министрлеринен жана борбордук банктардан түзүлгөн. Аны курамына дүйнөнүн эң чоң экономикалык өнүккөн мамлекеттерден 19 мамлекет жана Европа Союзу кирет. Бул мамлекеттер дүйнөдө иштелип чыгарыла турган продукциянын 85%ына жана дүйнө соодасынын, анын ичинен Европа Союзу мамлекеттери арасындагы соода айырбаштоонун 80%ына ээлик кылат. Бул мамлекеттерде дүйнө калкынын үчтөн бир бөлүгү жашайт. «G20»га туруктуу мүчөлөр: Аргентина, Австралия, Бразилия, Канада, Кытай, Франция, Германия, Индия, Индонезия, Италия, Япония, Россия, Мексика, Саудия,

Түштүк Африка, Түштүк Корея, Түркия, Британия, АКШ, Европа Союзу. Адатта бул мамлекеттердин финансылык министрлери менен бирге Дүйнөлүк Банк, Эл Аралык Валюта Фонду жана Дүйнөлүк Соода Уюмунун жетекчилери да катышат.

4. «G20»нын милдети дүйнөлүк финансылык системаны жана Батыштын негизги ири мамлекеттеринин экономикаларын коргоо. Муну дүйнөлүк финансылык структураны күчөтүү жана дүйнөлүк экономикалык саясаттар жаатында диалог мүмкүнчүлүктөрүн о.э. эл аралык компаниялар менен эл аралык финансылык мекемелер кызматташтыгын камсыздоо аркылуу ишке ашырат. «G20» Дүйнөлүк Банк, Дүйнөлүк Соода Уюму жана Эл Аралык Валюта Фонду аркылуу экономисттер менен иш алып барат. Максат экономисттердин дүйнөлүк финансылык системага катуу моюн сунуусун кепилдөө.

5. Акыркы жолугушуу Вашингтондо Европа Союзу жетекчилеринин, анын ичинен француз президенти Никола Саркази жана Британия премьер-министри Гордон Браундун сунушуна ылайык өткөрүлдү. Европа жетекчилери Америка карыз кризисин дүйнөгө жайылып кетишине жол бергенинен «сокку» жешкенден кийин ушул жыйынды өткөрүүнү талап кылышты. Мисалы, Америка долларды кубаттоо үчүн нефть, азык-түлүк, дан баалары жаатында оюндар ойноду. Натыйжада, Европада товарлар баасы көтөрүлүп кетти жана инфляция кең түс алды. Акыбетте, Европа борбордук банкынын алдында инфляцияга чек коюу үчүн проценттик ставканы көтөрүүдөн башка вариант калбады. Мунун табигый натыйжасы катары Европа экономикасы кыскара баштады жана экономисттер евро ордуна доллар менен мамиле кылууга өтө баштады. Инвесторлордо Америка проценттик ставкасынын төмөндөшү экономикалык өсүү менен бир катарда инвестиция жаткыруу үчүн Европа Союзунан көрө жакшыраак шарт жаратат, деген ишеним пайда боло баштады. Натыйжада, евро наркы төмөндөдү жана Европа Союзунун экономикасы сенектикке карай жүздөндү. Экономикалык

төмөндөөгө каршы туруу үчүн Европа борбордук банкы пайда ставкасын төмөндөтүү кадамын таштады. Натыйжада, бул нерсе евронун доллар каршысындагы кыйматын андан да төмөндөтүп жиберди. Мына ушул нерселерге байланыштуу Браун менен Саркази өз ара жолугушту. Кийинчерээк аларга Меркел жана Европанын айрым жетекчилери да кошулду. Максат кризисти талкуулоо үчүн эл аралык жолугушуу өткөрүү тууурасында Бушка басым өткөрүү болду. «Ассошиэйтед Пресс» 5-октябрда кабар таркатышынча, «G8»дин төрт мүчөсү т.а. Британия, Франция, Италия жана Германия дүйнөлүк финансылык системаны оңдоп-түзөтүү маселесин талкууга алуу үчүн тездик менен саммитке чогулуп, өзгөчө жолугушуу өткөрүүнү талап кылышты. Британия премьер-министри Голдон Браун 2008-жылы, 12-октябрда өткөрүлгөн өзгөчө жолугушуу чагында өзүнүн финансылык кризисти чечүүгө болгон көз карашын баян кылды. Саммит жолугушуусу артынан Брюсселде 2008-жылы, 15-16-октябрда өткөрүлгөн басма сөз конференциясында еврокомиссия төрагасы Мануэл Бароза мындай дейт: «Эгер, Европа жетекчилиги активдүү роль ойносо келерки бир эл аралык келишимге жетишүүгө болот». Француз президенти Саркази Мануэл менен бирге 2008-жылы, 18-октябрда Кемп Девид дем алуу жайындагы Буштун алдына барды. Саркази мындай дейт: «Биз Европа Союзунун 27 мүчөсү  берилген укугу менен келдик. Бул кризис бүткүл дүйнө бойлоп таралганы анык. Ошондуктан, бир дүйнөлүк чечим табышыбыз керек». Мануэл болсо мындай дейт: «Азыркы дүйнөлүк финансылык система өзүнүн мекемелери, мыйзамдары жана долбоорлору менен реформага муктаж болуп турат. Бизге дүйнөнүн жаңы финансылык системасы керек. Дүйнө бойлоп таралган экономикалык кризисти чечүү үчүн жакын арада бир эл аралык жолугушуу өткөрүүнү сунуш кылууга Европаны үндөгөн нерсе мына ушул». 2008-жылы, 21-октябрда болсо Саркази европарламентте сөзгө чыгып, мындай дейт: «Европа дүйнөлүк капиталисттик системаны реформалоо идеясынын байрагын көтөрүп чыгышы керек». Испания премьер-министри

Хосе Луис Родригес Сапатеро болсо мындай дейт: «Европа Союзу өзгөртүү байрагын көтөрүп чыгышы керек. Себеби, Америка жетекчилигинин өзгөртүү туурасындагы сунушу ылайыксыз-жагымсыз болуп, кыйла эскирип калды... Бул жерде өз ара теңдик жана үндөөчү факторлор менен алакасы болгон ар кандай нерсенин эрежелери жана чегаралары болушу керек».

6. Европа Союзунун жетекчилеринде дүйнөдөгү финансылык кризистин себеби финансылык секторго ылайык келбей турган мыйзамдарда, өзгөчө Кошмо Штаттардагы мыйзамдарда, деген ишеним бар. Башкача айта турган болсок, алар финансылык кризистин себеби америка капитализми, деп билишүүдө. Европа жетекчилери дүйнө экономикасын оңдоо, проценттик ставканы кемейтүү жана мамлекеттерди экономикалык сенектиктен чыгаруу үчүн өкмөттөрдүн сарптоо-каражаттарын азайтуу максатында кызматташтыкты дагы да күчөтүүнү каалашууда. О.э. алар жыйында оңдоп-түзөтүүлөргө ыраазылык берилишин, анын ичинен эл аралык уюмдардын долбоорлору жана мыйзамдарын дүйнө экономикасына шайкеш келтирүү үчүн өзгөртүүгө макулдук берилишин да каалашууда. Ушундай каалоо Эл Аралык Валюта Фонду жана Дүйнөлүк Банк жөнүндө да билдирилди.

Мына ушул эл аралык басымдар астында Буш акыры Вашингтондо 14-ноябрдан 15-ноябрга чейин эл аралык саммит өткөрүлүшүнө ыраазылык берди.

Бирок, бул саммитте эч кандай кыйматка ээ токтомдор чыгарылбады. Анда тышы жалтырак жалпы принциптер жана максаттар жаатында келишип алуу гана жарыя кылынды. Бул Вашингтон жолугушуусунан кийин чыгарылган документте айтылды.

**Максаттар:**

1. Дүйнөлүк кризисине алып келген себептерди ортоктош түшүнүүгө жетишүү.

2. Мамлекеттер көрүп жаткан чараларды этибарга алуу. Кризистерге карата түздөн-түз мамилеге киришүү жана экономикалык өсүүнү колдоп-кубаттоо.

3. Финансылык базарларды реформалоого тиешелүү жалпы прициптер жаатында келишип алуу.

4. Мына ушул принциптерди ишке ашыруу үчүн иш жүзүндөгү планды жолго коюу жана финансы министрлеринен өз сунуштарын дагы да анығыраак иштеп чыгууну талап кылуу. Бул сунуштарга жетекчилер тарабынан келерки жыйындарда кайрылынат.

5. Эркин базар принциптерине катуу моюн сунууну дагы бир жолу баса белгилөө.

**Принциптер:**

1. Түзүлө турган финансылык мамилелерде зарыл ачык-айкындыкты күчөтүү аркылуу тунуктук жана отчёт талап кылууну бекемдөө.

2. Жергиликтүү карыз берүүлөр кыйматын белгилөө агенттиктери үстүнөн жана кризистер идарасы башкаруулары үстүнөн көзөмөлдү кепилдөө аркылуу туура жол-жоболорду күчөтүү.

3. Базарларда оюндар алып барууга жана алдамчылыкка жол бербөө аркылуу финансылык базарларда туура иш алып барууну күчөтүү жана кызыкчылыктардын бири-бирине каршы келип калышынан өзүн алып качууга жардам берүү.

4. Бири-бирине дагы да шайкеш келе турган мыйзамдар жана эл аралык принциптерди иштеп чыгуу аркылуу эл аралык кызматташтыкка көңүл буруу о.э. мыйзам чыгаруучуларды бардык финансылык базар секторлору менен кызматташтык кылууларын жана өз ара келишип шайкеш иш алып барууларын активдештирүүгө кызыктыруу.

5. Дүйнөлүк финансылык мекемелерди алардын укуктарын жана мүчөлөктөрүн жаңылоо аркылуу реформалоо.

Европа Союзу, Америка жана Британия жетекчилеринин саммитте толук бир чечимге келише алышпаганынын себеби төмөнкү иштерге барып такалат:

1. Себеби, президент Буш ичкериде толук көзөмөлгө ээ эмес. Анын дүйнөлүк финансылык системаны толук реформалоо жаатында эл аралык мыйзамдуу укугу да жок. Кала берсе, Буш «чолок өрдөккө» окшоп калды. Ошондуктан, дүйнөнүн бир нече жетекчилери чечимге тиешелүү ар кандай олуттуу сунуштарды ортого таштабай жаңы шайланган президент Обаманы күтүп турушат. Бул болсо Бушту саммитте эркин базар идеясын жан үрөп коргоого мажбур кылды. Ал Европанын америка капитализмин сындоолору каршысында жолду тосуп коюуга урунуп, ушундай кылды. Ал саммит катышуучуларына Нью-Йоркто мындай дейт: «Биз финансылык системада реформалар өткөрүүгө муктаждык сезип турганыбыздан соң, күнүмдүк проблемалардын туруктуу чечими экономикалык өсүүнү сактап калуу. Өсүүнүн анык жолу болсо эркин базар жана адамдар эркиндиги аркылуу болот». Ошондуктан, Буш жан үрөп каалап жаткан нерсе баарынын эркин базар саясатын макулдашы болду жана ал өз каалоосуна жетишти. Башка утуштарга жетишүү болсо андан кийин келе турган Обамага калды.

2. «G20» саммити жолугушуусуна карата Европа Союзунун айрым жетекчилери Эл Аралык Валюта Фонду жана Дүйнөлүк Банк жүзөгө келтирген 1944-жылдагы «Бреттон Вудс» келишимин жана согуштан кийинги түзүмдү т.а. «туруктуу айырбаштоо нормаларын» кайра карап чыгууга чакырышты. Канцлер Ангела Меркел жана француз президенти Саркази мындай дейт: «Экинчи Бреттон Вудс негизги нерсени т.а. дүйнөлүк финансылык системаны толук оңдоп-түзөтүүнү жүзөгө чыгарышы керек». 2008-жылы, 13-октябрда болсо Британия премьер-министри Гордон Браун мындай дейт: «Дүйнө жетекчилери жаңы экономикалык системага жетишүү үчүн учурашуулары керек. Биз жаңы Бреттон Вудсту иштеп чыгышыбыз

керек. Келерки жылдарга болжолдонгон жаңы финансылык системаны курушубуз керек».

Кандай болбосун Гордон Браундун нукура «Бреттон Вудс» түзүмүнө болгон көз карашы айырмаланат. Себеби, Британия глобалдаштырууну жана эркин сооданы улантууну баса белгилөөнү каалайт о.э. туруктуу айырбаштоо нормаларына кайтууга каршы чыгууда. Бирок, Саркази Браундун пикирине кошулбай жатат жана эркин базардын «Англо Саксон» формасы ийгиликсиздикке учраганын айтууда. Анын бул позициясын италия экономика министри Голео Терменти да колдоп-кубаттоодо. Ал өз кезегинде мындай дейт: «Италия өзүнүн «G7»деги ордунан жаңы Бреттон Вудска карай жолдоодо пайдаланат».

Европанын «Бреттон Вудс»ка карата көз карашы Америка көз карашына бүтүндөй тескери. Себеби, Америка өзүнүн Дүйнөлүк Банк, Дүйнөлүк Соода Уюму жана Эл Аралык Валюта Фонду үстүнөн болгон өкүмдарлыгынан баш тартууну каалабайт. Мунун үстүнө Америка дүйнөдө өзгөрүп туруучу алмашуу күчтөрүнө таянып калуудан тыюу салууга болгон аз гана кубатка ээ. О.э. ал «Уолл стрит»ке дүйнө базарлары үстүнөн толук өкүмдарлык укугун берип койгон. Британия болсо эркин базарды улантуунун катуу тарапкери. Бирок, ал дүйнөлүк финансылык мекемелер үстүнөн көбүрөөк өкүмдарлык кылуу жолдорун издөөдө. О.э. ал Америкадан жаза-чаралардан бир четте калып кетип жаткан Америка гигант компанияларын тыйып коюшун да каалоодо.

Мына ушул эки фактор себептүү, демек «G20» максаттар жана принциптер жаатында гана келишиши мүмкүн, бир канча жетекчилер муну түшүнүп жетти. Ошондуктан, бул саммит дүйнөлүк финансылык системаны реформалоо астанасындагы биринчи кадам. «G20»нын келерки жолугушуулары жана башка жыйындар дүйнөлүк финансылык системанын келеркидеги формасын белгилеп берет.

**17-ноябрь, 2008-м.**

## Сеулда болуп өткөн «G20» саммити

**Суроо:** *2010-жылы 11-12-ноябрда Түштүк Кореянын борбору Сеулда «Кризистен кийин өз ара өнүгүү» урааны астында жыйырма чоң мамлекеттердин (G20) саммити болуп өттү. Саммитте негизинен валюталар курсу жана соода балансынын бузулушу күн тартибине коюлду. Саммиттин башталышында Европанын, өзгөчө, Франциянын эл аралык финансылык системага өзгөртүү киргизүү тууралуу билдирген наааразылыгы жаңырды. Анын артынан Америка менен Кытай ортосунда юань жана Американын миллиондогон долларларды басып чыгарышына байланыштуу бир аз татышуулар болуп өттү. Ошондой болгон соң, Европа менен Кытай эл аралык финансылык саясатта Американын тизгинин канчалык тарта алды?*

**Жооп:** Ооба, саммитте Европа менен Кытай Американын финансы тармагындагы текебердигине каршы ачык билдирүүлөрдү беришти. Бирок, Америка саммиттен дагы финансы тармагындагы текеберлигин жоготпогон абалда чыкты! Муну кенен жарытып берүү үчүн ушуга байланыштуу окуяларды көрсөтүп өтөбүз:

1 – «Рейтер» агенттигинин 2010-жылы 12-ноябрда «G20» саммитинде катышкан немис делегациясынан алган кабарда мындай дейт: «Германия канцлери Ангела Меркел Америка президенти Обамага соңку кездерде Америка федералдык запас системасынын Америка экономикасында накталай акчаларды басып чыгаруудагы саясатынан тынчсызданып жатканын билдирди. Бирок, Обама саммитте Меркелге Германиядагы жергиликтүү талаптар деңгээлин көрүүнү каалап жатканын айтты». Кабардан көрүнүп тургандай, Германия Американын доллар басып чыгаруудагы саясатынан кооптонуп жатат. Себеби, бул доллардын баасына таасир кылат, т.а. доллардын курсун түшүрүп жиберет. Доллар курсунун түшүп кетиши болсо, евро ээси болгон Европанын желкесиндеги кыйынчылыкты андан да курчутуп,

долларга карата евро курсун көтөрүп жиберет. Арийне, евро курсунун көтөрүлүшү Европа товарларынын баасын көтөрүп жиберет о.э. евро ээлеринин финансылык жана соода-сатык жактан зыян көрүүлөрүнө себеп болот. Обаманын Жоопунан ушул нерсе көрүнүп турат, ал Меркелдин арыздануусуна көңүл да бурбады, тескерисинче, немис базарларындагы жергиликтүү талаптын күчсүздүгүнө шилтеме кылып, Германиянын өзүнө чабуул жасады. Акыйкатта болсо, Германиядагы базар талабынын күчсүздүгү Американын Германия жана Евросоюз мамлекеттерине жөнөтө турган экспортуна терс таасир көрсөтөт. Буга себеп, Германиядагы керектөөчүнүн аздыгы. Керектөөчүнүн аздыгына болсо, адамдардагы финансылык таңсыттык о.э. адамдардын глобал финансылык абалдан кооптонуп, каражат кылбастан, үнөмдөөнү абзел көрүүлөрү себеп болууда. Мындай абал Германия базарларында ачык көрүнүп турат. Ошондуктан, Обама Германиянын айыптоолоруна, кудум, кемчилик Германиянын өзүндө жана айып анын мойнуна түшөт деген мааниде жооп берди! «Рейтер» маалымат агенттиги дагы кошумчап айтат: «Америка, кече. 2010-жылы 11-ноябрда, сындоолордун бирөөсүнө да көңүл бурбады. Обама болсо: «G20 саммитине мүчө болгон мамлекеттердин кең көлөмдүү жана туруктуу эл аралык экономикалык өсүүнү жүзөгө чыгаруу үчүн механизм иштеп чыгуулары күтүлүүдө», - деди. Дагы ал: «G20га мүчө мамлекеттер Американын өсүшү эл аралык экономикалык үчүн маанилүү экенин түшүнүшөт», - деди». Бул болсо, Америка экономика жаатында текеберлик жана теңсинбөөнү билдирип, Американын дүйнө менен бүтүндөй иши жок, тескерисинче, дүйнөнүн жакырчылык, ачарчылык жана жокчулуктан кыйналып жаткан мамлекеттердин, калктардын экономикалык өсүшү маанилүү эмес, тескерисинче, кудум Америка жана анын калкы жакшы болсо, дүйнө да жакшы болот деген маанайда Американын экономикалык өсүшү жана Америка калкынын

камсыздалуусу маанилүү экенин шилтеме кылып жатканына далалат кылууда!

2 – Кытайлыктар да доллар басып чыгаруу саясатын сындап, Америкага чабуул кылууга урунушту жана алардын жооптуулары айтышкандай, мындан катуу тынчсызданып жатышканын билдиришти. Саммитте Кытай Элдик банкынын эл аралык мекемесинин төрагасы Чжан Тао журналисттерге мындай деди: «Чоң валюта запасына ээ мамлекет өз саясатынын кандай глобал акыбеттерге алып келишине көңүл бурушу шарт». Кийин мындай деп эскертти: «Жакшы тартиптештирилбеген абалда о.э. Америка Федералдык запас системасынын саясаты себептүү келип чыккан ушул чоң көлөмдөгү капиталдын агып келиши экономиканын өсүшүнө зыян жеткириши жана эл аралык экономикалык реформага кооп туудурушу мүмкүн» («Рейтер», 2010-жыл 12-ноябрь). Бирок, америкалык жооптуулар да кытайлыктарды юань валютасынын саясатына чабуул кылышып, аларды өз валюсын (юань) төмөн курста кармап тургандыкта, муну менен эл аралык соода балансынын бузулушуна себеп болуп жаткандыкта айыпташып, проблема америкалыктардын айынан эмес, кытайлыктардын айынан келип чыккандай кылып көрсөтүштү.

3 – Ошентип, саммиттин корутунду билдирүүсү Американын пайдасына чечилди. Билдирүүдө Америка бүткүл дүйнөнү экономикалык кыйроого алып келгени үчүн сындалбады да, жаманатты да болбоду. Бардык айыптоо жана басымдар Америкадан алыста болду. Дүйнөнүн мурунку финансылык системасы кандай болсо ошондой бойдон сакталып калып, Америка тизгинди колунан чыгарган жок. Ал тургай, өз ысымын айтпоону суранган америкалык жогору кызматтагы жооптуулардын бири саммит аяктарынан бир нече саат мурун «Талкуулар абдан канааттандырарлык түрдө бара жатат» деди. Кийин дагы мындай деп кошумчалады: «Саммитте күтүлгөн корутунду

билдирүү басым жана кескиндиктердин түрү болот о.э. саммиттин өз ара карама-каршылыктар менен аяктарын божомол кылган кимселердин үмүтүн жокко чыгарат». Кийин дагы мындай деди: «Корутунду билдирүү Түштүк Кореяда октябрдын соңунда финансы министрлери тарабынан кабыл алынган билдирүү менен дээрлик бирдей болот» («AFS», 2010-жыл 12-ноябрь). Башка сөз менен айтканда, Америка ушул билдирүүнү өзү ыраазы болгон таризде жана глобал финансылык кризистин жоопкерчилиги өзүнө жүктөлбөй турган кылып, өзү босло ар бир мамлекетке милдет жана жоопкерчилик жүктөй турган таризде чыгарууга жетишти. Корутунду билдирүүдө ушулар назарга алынган эле.

Корутунду билдирүүдө кандайдыр бир жаңылык да айтылбады, кандайдыр бир чечим да берилбеди. Билдирүүдө айтылган сөздөрдүн бардыгы жалпы сөздөрдү камтыды. Мисалы: «Экономикалык жактан өнүккөн мамлекеттер валюта айырбаштоо курстарындагы силкинүүндөн коргонууну камсыздайт. Бул болсо, экономикалык жактан өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин айрымдары кабылып жаткан капиталдын агып келишинин натыйжасындагы үлкөн силкинүү коркунучун кемейтүүгө жардам берет». Мындай сөздөр базарларга жүз миллиарддаган долларды басып чыгаруу менен финансылык агып келүүнү жаратып жаткан Американын пайдасына кызмат кылат. Бул сөздө мындай деп жаткандай: Америка экономикасы өнүккөн экономика болгондуктан валюта айырбаштоо курстарындагы силкинүүлөрдөн коргонууну камсыздай алат о.э. базарларга акча агып келишинин натыйжасында жаралган үлкөн силкинүүлөр коркунучун азайтууга жардам берет. Бул болсо, Американын 2008-жылы кризис башталгандан бери триллиондогон акчаларды басып чыгарып, аларды базарларга агызып жиберүү менен колдонуп келе жаткан саясатынын дал өзү. Корутунду билдирүүдө мындай делет: «Бир канча жол-

жоболордон түзүлгөн бул чаралар – керек болгондо баланстын бузулушуна чек коюуга жардам берет. Баланстын бузулушу болсо, бекем коргонуу чараларыни кабыл алууну талап кылат». Дагы мындай делет: «Финансы жана соода министрлери Эл аралык Валюта Фонду менен биргеликте келерки жылдын биринчи жарымында алып барыла турган талкууларга этибарды каратуу үстүндө иштешет». Бирок, ушул билдирүүнү даярдоо учурунда төмөнкүдөй сындоолор да айтылды: «G20 ушул кеңештердин түрүн да, көлөмүн да белгилеп берген жок, т.а. жетиштүү түшүндүрмө бербеди».

4 – Булардан «G20» саммити эл аралык валюта системасына эч кандай өзгөртүү киргизбегени белгилүү болот. Акыйкатта болсо, Франция жетекчилигинде айрым мамлекеттер эл аралык финансы түзүмүн өзгөртүүнү талап кылган эле. О.э. бул саммит Америка саясатынан нааразы болгондордун талабына жооп бербеди. Алар да Американы позициясынан кыймылдата да, позициясына нааразылык билдирүүгө да, коомчулук пикирин анын экономикадагы зөкүр саясатына каршы карата да алышпады. Американын экономикадагы зөкүр саясаты болсо, дал кичүү Буш доорундагы саясатта колдонгон сыяктуу, текеберлик кылышына чейин жетип, экономика жана финансы тармагында текеберлиги дагы да даана көрүнүп калды. Бул текебер мамлекет көк сыянын баасына да арзыбаган кагаз акчаларды басып чыгарып, өз казынасындагы кризиске учурай баштаган кымбат баалуу кагаздарын сатып жиберди... Өзүн кудум карыздарын жеңилдештиргендей жана базарын активдештиргендей кылып көрсөттү... Ушул көк кагазын бетке алып, дүйнө байлыктарын сатып алып, ордуна эч нерсе бербеди... Бирок, ушуларга карабастан, бул мамлекетти айыптоого эч ким акылуу боло албай жатат, ал болсо башкаларды айыптоого акылуу болуп турат, муну кандай түшүнсө болот?! Биз европалыктардын өздөрүн өздөрү кишендеп алып, өз

валюталарын белгилүү бир чегарада болсо да басып чыгара албай жатышканынын күбөсү болуп турабыз. Америка болсо, өзүн валютаны агызып жиберүү саясаты себептүү учураган сындоолор, аныгы, чабуулдардан коргой алды. Көрүнүп тургандай, Америка ушул саммиттен сындоолордон коргонууну, сындай турган билдирүү чыгарылышына жол койбоону, арийне, коомчулук пикиринин глобал кризиске себеп болгон анын финансылык саясатына каршы каратпоону максат кылды. О.э. Америка ушул саммитте эл аралык валюта системасын өзгөртүүгө каратылган сөздөрдү жокко чыгарып, 1944-жылы «Бреттон Вудз» саммитинен бери ушул күнгө чейин колдонулуп келе жаткан эски валюта системасын токтотпоону кайра баса белгилеп алды. Т.а. доллардын эл аралык валюта катары турушун да, Эл аралык Валюта Фонду өз аракетин токтотпошун да тастыктап алды. Долларды өзү каалаган көлөмдө, каалагандай, эч бир чектөөсүз басып чыгаруу укугуна ээ болуп алды. Америка муну менен өзүнүн үстөм, өзүнүн сөзү гана өтө турган, дүйнө иштери тизгинин өз колунда кармап турган биринчи мамлекет катары эл аралык борборду сактап калууга жетишти.

5 – Башка мамлекеттерге келсек: Кытай өзүнүн валютасынын курсун тез арада кайра тартиптештирип алууга болгон басымдарды өзүнөн алыстатууга жетишти. Эң көп уткурган европалыктар болду: Алар эл аралык валюта системасын өзгөртмөкчү эле, бирок, бул системага бир да өзгөртүү киргизе алышпады. Американын эсепсиз доллар басып чыгарышына каршы нааразылык билдиришине о.э. коомдук пикирди ушуга каршы коё алышпады. Мындан улам, «G20» саммитине бир жылдык жетекчилик кылууну кабыл алган Сарказийдин да саммитте айтоор бирер нерсени жасашы божомолдон алыс. Ошого карабастан, Сарказий эл аралык валюта системасын өзгөртүгө чакырууда. Саммитте талап кылынган жол-жоболорго келсек, корутунду билдирүүдө айтылгандай, корутунду билдирүү иш жүзүндө

колдонулганга чейин финансы жана соода-сатык министрлери менен Эл аралык Валюта Фонду ортосундагы талкуу болуп өтөт жана бул үчүн жарым жыл керек болот. Кийин аны колдонуу жана ага моюн сунуу үчүн анык белгиленбеген убакыт керек. Кыскасы, бул жол-жоболордун канчалык ийгиликтүү болушу белгисиз маселе. Көбүрөөк бул иштер келерки жылдын октябрь айында өткөрүлүшү күтүлүп жаткан «G20» саммитине чейин ордунан жылбастан турушу мүмкүн!

**8-зул-хижжа, 1431-х.**

### Санкт-Петербургдагы G-20 саммити тууралуу

**Суроо:** *2013-жылы 6-сентябрь күнү Санкт-Петербургда G-20 (20 чоң мамлекеттердин) экономикалык саммитинин акырында корутунду билдирүү чыгарылды. Рейтер агенттиги 2013-жылы 6-сентябрда маалымдашынча, билдирүүгө ылайык «дүйнөлүк экономика жакшыланып барууда...». Агенттик орус финансы министрлигине караштуу финансы департаментинин директору, саммиттин корутунду билдирүүсүн иштеп чыгууда катышкан Андрей Бокаревдин ушул сөздөрүн келтирди: «Талкуулардын эң кыйыны жана эң узакка созулганы дүйнөлүк экономикалык абалды баалоого тиешелүү болду». О.э. жакында бул жакшылануунун баса белгилеген бир канча билдирүүлөр пайда болду. Мисалы, Европа Союзу өзүнүн экономикасы аз гана көрсөткүчтө болсо да өсө баштаганы жөнүндө кабар таратты, Кошмо Штаттар өзүнүн экономикасы 2013-жылы 1%га өскөнүн билдирген болсо, Кытай өзүнүн экономикасы 2013-жылы сентябрга чейин 7%дан көбүрөөккө өскөнүн жарыя кылды.*

*Дүйнөлүк экономика чынында эле жакшыландыбы, арийне 2007-жылы Америкада башталган экономикалык кризис алты жылдан ашуун убакыт өткөндөн кийин чынында эле жеңилдедиби? Эгер, андай болбосо, бул билдирүүлөр жана сандар кандай жарыя кылынды? Ушуларды түшүндүрүп беришиңизди суранамын. Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.*

**Жооп:** Келгиле, дүйнөдөгү экономикалык жактан таасири эң көзгө көрүнгөн мамлекеттердин экономикалык акыйкатын карап чыгалы. Алар: Кошмо Штаттар, Европа Союзу жана Кытай. Анткени, бул үчөөсүнүн экономикасы дүйнөлүк экономиканын 50%ынан көбүрөгүн түзөт. Кала берсе, экономикалык кризис Америка жана Европа Союзу кабыл алган капитализм түзүмү менен тыгыз байланыштуу. Ошондуктан, бул экөөсүнүн ушул кризиске таасири күчтүү. Ал эми, Кытайдын бул кризистин пайда болуудагы же аны жеңип өтүүдөгү ролу – иш жүзүндө иш эмес, реакция билдирүү… Маалымат үчүн айта кетсек, бир гана Америка экономикасынын өзү Кытай, Япония жана Германия экономикаларынын баарын жамдаганга болжол менен тең келет. Алар болсо дүйнөдөгү Америкадан кийинки эң чоң үч экономика. Анткени, Америка экономикасынын көлөмү 2012-жылы 15,7 триллион долларга жетти. Бул – дүйнөлүк экономика көлөмүнүн 22%ын түзөт. Кытай экономикасы 8,2 триллион, Япония экономикасы 5,9 триллион, Германия экономикасы 3,4 триллион долларга жетти (Эл аралык Банк о.э. Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү уюмунун маалыматтары). Америка экономикасынын ушул чоң көлөмү себептүү Америка экономикалык кризиси дүйнө бойлоп жайылды. Бул кризис натыйжасында Америкадагы кыймылсыз мүлк базары кулады. Ушуга ылайык, талкууну негизинен дүйнөлүк экономикага көбүрөөк таасир өткөрө турган мына ушул үч мамлекеттин экономикасына каратабыз. Анткени, экономиканын чынында эле жакшыланганын же жакшыланбаганын көрсөтүүчү эң көзгө көрүнгөн факторлор төмөнкүлөр: жумушсуздук деңгээли, жергиликтүү жана кызмат көрсөтүү мекемелеринин карыздары, өкмөттүн карыздары. Мына ушул үчөөсү эмгек биржасы аракетин, акча айлануу базарынын аракетин о.э. өкмөттүн долбоорлору жана жеке долбоорлор базарынын аракетин көрсөтүп турат. Ошондуктан, талкуубуз негизинен ушулардын үстүндө болот жана андан кийин дүйнөлүк экономика чынында эле жакшыланганбы же жокпу, айкын болот:

**Биринчи: АКШ:**

1 – Жумушсуздук деңгээли: борбордук банк 2008-жылдын акырынан тартып карыздар үстүнө коюла турган пайыздык үстөктөрдү нөлгө жакындаштыруу үчүн азайтууга киришти. Ошондуктан, өзүнүн жалпы бюджетин үч эсеге көтөрдү, натыйжада бул бюджет ушул кезден тартып болжол менен 3 триллион долларга жетти, муну баалуу кагаздарды сатып алуу программасы аркылуу ишке ашырды. Банк муну өзүнүн акыркы жыйынында 85 миллиард долларга жеткен жогорку деңгээлде сактап калды. Булардын баары узак мөөнөттүү карыздар каражаттарын азайтуу жана мунун акыбетинде эмгек биржасын жандантуу максатында долбоорлор ээлеринин жана бизнесмендердин карыздар алышын жеңилдетүү үчүн болду. Ошого карабастан, жумушсуздук деңгээли өткөн айда 7,9% болуп, жогорку деңгээлинде кала берди. Бул 5 жыл мурунку даражадан көп деле айырмаланбайт, ошол кезде жумушсуздук деңгээли 8,9% болчу. Кошмо Штаттар стимулдаштыруу (жандантуу) мыйзамын макулдаган болсо да т.а. компаниялардын акцияларын сатып алуу менен үлкөн аларга каражаттарды берген болсо да жана бул мыйзам 2009-жылы колдонула баштаган болсо да, бирок экономика оңолбоду жана жумушсуздук деңгээли көп эле төмөндөгөн жок. Бул болсо, бул кризис терең экенине, дале уланып жатканына жана экономика жакшыланбаганына далалат кылат.

2 – «Шаар муниципалитеттери» сыяктуу кызмат көрсөтүү секторлорунун карыздары… Sky News Arabia сайты 2013-жылы 11-августта ушуларды жазып чыкты: «Кошмо Штаттардын шаарлары жана муниципалитеттериндеги оор карыздар, бул карыздарды төлөй албоо эки жыл арасында 41 шаардын банкрот болушуна алып келди. Бул болсо, бир канча Америка шаарлары дүйнөлүк финансылык кризис акыбеттерин бүгүнкү күнгө чейин жеңип өтө албаганын түшүндүрөт. Банкрот шамалы Америка шаарларын чулгап ала баштады. Дейтройт муниципалитети 18 миллиард долларга жеткен карызын төлөй албашын өткөн айда расмий түрдө

жарыя кылган. Банкрот муниципалитеттер жана шаарлар үчүн кредиторлордон коргонуунун акыркы башбанеги болуп эсептелет. Башкача айтканда, абалдан качуу жана жеңилирээк чечимдерге өтүү болуп эсептелет. «Америка банкрот институтунун» маалыматтарына ылайык, 2007-2011-жылдары Америка муниципалитеттери жана шаарларында 40тан ашуун банкрот абалы күзөтүлгөн. Жылына орточо 8 абал туура келди». Бул маалыматтар 2011-2013-жылдары шаарлардын банкрот болуу абалдары кризис чокусуна чыккан доорго о.э. андан мурунку жана кийинки доорго караганда көбүрөөк болгонун көрсөтүп турат. Бул болсо, Америка экономикасы абалы жакшыланганы жөнүндөгү кеп-сөздөрдү күмөн астына коёт.

3 – Өкмөттүн карыздары: Америка финансы министри Жейкоб Льюс 2013-жылы 26-августта конгресске жолдогон катында «өкмөт өз карызын төлөөгө кудуретсиз болушунун (дефолттун) алдын алуу үчүн май айында көрүлгөн чукул иш-чаралар октябрдын жарымында түгөшүнөн эскертип, конгрессти өкмөттүн карыз алуу укугун узартууга чакырды». (Ал-Кудс сайты, 2013-жыл 27-август). Америка финансы министри Жейкоб Льюс конгресске жолдогон катында ушуларды көрсөтүп өттү: «Эгер, азыр жол берүү мүмкүн болгон эң максимум чеги 16,7 триллион доллар болгон мамлекет карыздарынын жалпы потологу көтөрүлбөсө, ушул жылы 15-октябрда Америка бийлиги өз милдеттенмелерин төлөө үчүн талап кылынган кирешелерди колдон чыгарып зыян көрөт». Ал мындай деп эскертти: «Мамлекет карыздарынын потологу азыркы даражада сакталып тура берсе, финансылык базарлар ишинде бузулуу жүз бериши жана экономика кулашы мүмкүн». Ал мындай деп кошумчалады: «Конгресстин вазыйпасы – Кошмо Штаттарга болгон ишеничти коргоо, анткени мамлекет карыздарынын потологун көтөрүү укуктарына ээ башка уюм жок» (Русиял Явм сайты, 2013-жыл 28 август). Т.а. Кошмо Штаттардын карыздары жол бериле турган эң акыркы чекке т.а. 16,7 триллион долларга жетти. Ошого карабастан, Кошмо

Штаттар өз милдеттенмелерин аткаруу үчүн карыз потологун дагы көтөрүүнү талап кылууда!

Америка абалынын көрүнүшү мына ушундай. Карыздарлык абдан жогору, ошондуктан Кошмо Штаттар өз каражаттарын каптоо, дефицитти чечүү жана экономикалык дефолтко жол бербөө үчүн карыздар потологун дагы да көтөрүү жолуна өтүүдө. Бул көрүнүш Америка экономикасы абалынын жакшыланганын жана кризистен чыгып кеткенин көрсөтпөйт.

**Экинчи: Европа Союзу:**

1 – Жумушсуздук деңгээли: Эл аралык Валюта Фондунун директору Кристин Лагард «жумушсуздардын көрсөткүчү Испанияда 27%, Грецияда да ошого окшогон көлөмдө» экенин айтты (Евроньюс сайты, 2013-жыл 26-апрель). Бул директор аял 2013-жылы 3-майда мындай деген: «Курамына 17 мамлекет кирген Еврозонада жумушсуздук деңгээли 2013-жылы орточо 12,2%га жетиши күтүлүүдө, мында 2012-жылдагы 11,4% көрсөткүчтөн ашып кетет». Ал еврокомиссар Олли Рендин ушул сөздөрүн келтирди: «Уланып жаткан сенектик шартында биз жумушсуздук кырсыгына каршы күрөшүү үчүн мүмкүнчүлүгүбүздөгү бардык нерсени кылуубуз зарыл».

Эл аралык эмгек уюмунун директору Раймонд Торис мындай деди: «Анык саясаттар кабыл алынбаса, бул жерде Европадагы эмгек биржасында сенектик кризиси жүз бериши коркунучу бар, ушуну менен бирге, дагы да көбүрөөк кишилер узак мөөнөт жумушсуз калууга дуушар болушат, бул болсо алардын эмгек биржасынан чыгып кетишине алып келиши мүмкүн. Дагы бир маанилүү нерсе - өсүүгө үндөөчү саясатты жүргүзүү, айрыкча Еврозонада ушундай саясат жүргүзүү зарыл. Чакан компанияларга жеңил карыздар берилбесе, эмгек биржасында жандануу жүз бериши күтүлбөйт». (Евроньюс, 2013-жыл 3-июнь). Евроньюс мындай деп кошумчалады: «Бул уюм акыркы беш жылда узак мөөнөт жумушсуз калуу үчтөн эки даражага көтөрүлгөнүн көрсөтүп келди жана бул жерде иш менен камсыздоо

даражасын кризистен мурунку 56% даражага кайтаруу үчүн отуз миллион жаңы иш орундары керектигин анык айтты».

2 – Социалдык төлөмдөр: Евроньюс сайты 2013-жылы 30-августта мындай кабар таратты «Дания финансы министри Бьярне Коридондун сөздөрүнө ылайык, Скандинавия мамлекеттеринин күчсүздөнгөн экономикасы жарандар талап кылып жаткан төлөнүшү керек болгон каражаттарды көтөрө албай калды. Экономикалык кызматташтык жана өнүгүү уюмунун билдиришинче, Франция 33% көрсөткүчтө эң көп социалдык төлөм төлөйт, андан кийин 30,8% көрсөткүчтө Дания жана Бельгия турат, алардан кийин 30,6% менен Финландия, кийин 28,6% менен Швеция турат». Булардын баары аз өлчөмдөр болуп, ушул мамлекеттердин калкынын муктаждыктарына толук жетпейт… Германия гана мындан тышта, анткени анын социалдык иөлөмдөрү кандайдыр бир деңгээлде алгылыктуу… Бул, эң күчтүү социалдык төлөм төлөгөн мамлекеттерге карата ушундай, демек, башка мамлекеттердеги абалдын кандай экенин элестете бергиле!

3 – Карыздарлык: Евроньюс сайты, 2013-жылы 22-июлда ушуларды басып чыкты: «Статистикалык маалыматтар Еврозона карыздарынын жүгү ушул жылдын биринчи чейрегинин акырында эң жогору даражасына жеткенин анык көрсөтүп турат, өкмөт бюджеттерин оңдоо үчүн көрүлгөн сарамжалдуулук иш-чараларына карабастан, ушундай жогорку деңгээлде, мында Греция, Италия жана Португалия эң жаман тизменин башын ээлеп турат, Эстония жана Люксембургда болсо карыздын эң төмөн даражалары белгиленди». Евроньюс мындай деп кошумчалады: «Бирдиктүү евровалюта мамлекеттеринин бир канчасы сенектикте камалып жатат, экономикалардын кыскарышынан улам карыз ички дүң продукцияны эң ыңгайсыз абалга салып коюшуна алып келди. Сарамжалдык иш-чаралары экономикалык өсүүнүн дөңгөлөгүн токтотууга өз салымын кошту, анткени бул дөңгөлөк өкмөттүн каражаттарына таянат, ошол эле учурда, салыктарды көтөрүү керектөөнүн жана инвестициянын буулушуна алып келиши мүмкүн».

Ушуну да айтуу керек, Европа Союзунун бир канча мамлекеттери ушул союзга кошулганда карызга акча алган, ал тургай, бул карыз алуу алардын экономикасынын көлөмүнөн да ашып кеткен. Ошондуктан, кризис Европага жетип келгенде Европа Союзунун бир нече мамлекеттери ушул кризис себептүү өздөрүнүн мурунку карыздарын төлөй албай турган абалга түшүп калды. Белгилүү болгондой, Европа экономикасына эң биринчи даражада таасир кылуучу мамлекет – Германия. Германия сарамжалдык саясатын өкмөт каражаттарын азайтуу жана башка мамлекеттерден карыздарлыкты кемейтүү менен жүргүзүүгө жетишти. Германия акча берүү жана карыздарлыкты дагы да көбөйтүү саясатын жүргүзгөн Америкага карама-каршы түрдө сарамжалдык саясатын Еврозонага киргизүүгө аракет кылды.

Ошентип, бул билдирүүлөр жана отчёттор Европадагы экономика кризис акыбеттеринен дале кыйналып жатканын, алардан чыга албаганын жана дале сенектик абалында экенин көрсөтүп турат. Арийне, Европа экономикасында сезилерлик жакшылануу болгон жок.

**Үчүнчү: Кытай:**

Кытай экономикасынын абалы өзгөчө. Анткени, кытайлык экономисттердин айтымында «Кытай экономикасынын өсүшү чоң даражада экспорт жана инвестиция секторуна таянат, бул экономика ички керектөөгө таянбайт. Муну менен калк өзүнүн социалдык турмушунун даражасы канчалык көтөрүлгөнүн терең сезишпейт». Демек, Кытайдын ички базары дале абдан күчсүз бойдон калууда. Андыктан, Кытай өлчөө боло албайт жана ал башка мамлекеттердин экономикаларына таасир кылбайт. Себеби, Кытай экономикасы биринчи даражада Америка базарларына экспорт кылууга о.э. Америка менен өз ара инвестицияларды айырбаштоого таянып келүүдө, мында Кытай Америка компанияларынан акцияларды жүздөгөн миллиарддарга сатып алышынын же Америка казынасынын триллион доллардан ашып кеткен баалуу кагаздарын сатып алышынын о.э. Америка компаниялары Кытай ичинде инвестиция жаткырышынын жана Кытай

доллардагы акча запасын 3 триллион доллардан ашыкча жеткиргенинин айырмасы жок. Демек, Кытай капитализм дүйнөсүнүн жетекчиси эмес. Тескерисинче, ал капитализм жолун карманып жатканы үчүн жана экономикалык тараптан Америкага байланып калганы үчүн капитализм дүйнөсүнө көз каранды. Демек, Кытай капитализм дүйнөсүнүн экономикалык саясатына көз каранды. Ошондуктан, ал Америка таасири астындагы капиталисттик мекемелер башчылык кылган экономикалык токтомдорду тез аткарууга аракет кылат. Кытай өзүн капиталисттик мамлекет деп жарыя кыла албайт, жарыя кылганда козголуп капитализм экономикасына башчылык кылууга аракет кылмак. Бирок, андай кыла албайт, анткени, Кытай өзүн расмий жана салттуу түрдө коммунисттик мамлекет деп жарыя кылып келүүдө жана ушул расмий көрүнүштү сактап калууга аракет кылууда. Өзүнүн көз карандысыз вужудун жоготуп коюудан коркуп жана коммунисттик идеологияны кабыл алышкан мамлекет башында турган расмийлер өз укук-бийлигин жоготуп коюшунан коркуп Кытай ушундай жол кармануууда. Ошондуктан, коммунисттер жана алардын партиясы капитализм түзүмүн колдонууга жана капитализм жетекчиси болгон Америка экономикасы менен байланышты сактап калууга бир четинен уялып аракет кылууда. Ошондуктан, жакынкы келечекте Кытай бул саясаттан баш тартышы жана капитализм дүйнөсүнө жетекчилик кылууну өз колуна алып, дүйнөлүк экономикага таасир кылуучу мамлекетке айланышы күтүлбөйт. Мына ушундан келип чыгып дүйнөгө таасир кылган капитализмдин финансылык кризисине токтолгонубузда негизги этибарды биринчи даражада Америкага каратабыз, андан кийин, экинчи даражада Европага каратабыз. Демек, азыр капитализм түзүмү өкүмдар болгон дүйнө экономикалык жактан ушул экөөсүнөн: оболу Америкадан жана экинчи орунда Европадан таасирленүүдө.

**Төртүнчү: башка мамлекеттердин экономикасы:**

Калган мамлекеттердин экономикасынын дүйнөлүк экономикага өкүм өткөрүүдөгү таасири аз:

Мисалы, Япониянын карызы Эл аралык Валюта Фондунун көрсөткүчтөрүнө ылайык, ички дүң продукциянын 245%ына жетти. Ошондуктан, бул фонд Япониядан бул үлкөн карызга чек коюу үчүн орточо ишеничтүү бюджет планын иштеп чыгууну дагы талап кылды. Бул карыздын 90%дан көбүрөгү япон кредиторлоруна төлөнүшү керек болгон карыздар экендиги бул карыздын таасирин азайтпайт… Япон бийлиги 2013-жылы 8-августта эки жыл арасында мамлекет төлөмдөрүнүн 85 миллиард долларга жакынын кесип коюу ниетинде экенин жарыя кылды т.а. япон экономикасын жандантуу саясаты талап кылган нерсенин тескерисин жарыя кылды.

Россия болсо өлкөсүндө капитализм түзүмүн колдонуп жатат, жаратмандыкка кудурети жетпей бул түзүмдү колдонууда жана башка мамлекеттер менен экономикалык уюмдарды түзүүдө Батышты тууроого аракет кылып жатат. Ошондуктан, Россия өзүнө көз каранды мамлекеттер менен экономикалык уюмдарды түзүүгө аракет кылды, буга мисал кылып Белоруссия жана Казакстан менен 2010-жылы Европа бажы союзун туурап Бажы биримдигин түзгөнүн келтирүү мүмкүн… Кандай болбосун, орус экономикасы Батыш башчылыгындагы капитализм системасына көз каранды болуп, ушул системада кадам таштоого, анын чечимдерин аткарууга, экономикалык уюмдарды түзүүдө капиталисттик мамлекеттерди тууроого аракет кылууда. Ошондуктан, Россия ушул жактан дүйнөлүк экономиканы аракетке келтирүүчү эмес, тескерисинче, ага күчтүү таасир кылуудан көрө көбүрөөк өзү Батыштын капиталисттик экономикасы менен таасирленүүдө.

Эми, БРИКС (Бразилия, Россия, Индия, Кытай жана Түштүк Африка) тобуна жана өнүгүп келе жаткан мамлекеттер - Мексика, Түркияга… келсек, алардын дүйнөлүк экономикага дээрлик таасири жок, тескерисинче, алар Батыш экономикасына түздөн-түз көз каранды о.э. Америка жана Европанын финансылык базарларына байланып калган. Алардын бир бөлүгү өнүгүүнү

күчөтүү үчүн негизинен карыздарга таянат, мисалы Түркия ушундай. Бул болсо, чыныгы экономика эмес. Муну менен адамдардын карыз алууга таянышы себептүү ушул мамлекеттердеги керектөө көтөрүлүп барат. Мамлекеттик мекемелер, жеке мекемелер жана компаниялар да карыз алууга таянат. Бул мамлекеттердин бир бөлүгүндө болсо коррупция жана көп каражаттарды чет элге контрабанда кылуу кеңири көлөмдө жайылган, мисалы, Индия ушундай. Демек, бул мамлекеттердин экономикасы туруктуу эмес жана экономиканын чыныгы булактарына таянбайт. Бразилия жана Түштүк Африканын экономикалык таасири болсо тегерегиндеги мамлекеттерге гана т.а. дүйнөлүк экономикалык аракетке эмес, Түштүк Америка жана Африкага гана чектелген.

Бул экономикаларга жалпысынан алганда кризистер пайда болушунда же бул кризистерди жоюуда көп деле негизги этибар каратылбайт.

**Бешинчи: Эми, жарыя кылынып жаткан сандарга жана билдирүүлөргө келсек, алар ушул билдирүүлөрдү чыгарып жаткан мамлекеттеги экономикалык мекеме каалагандай иштелип чыгууда…**

1 - Мисалы, Кошмо Штаттар расмий түрдө билдирген 2013-жылдагы өсүүгө келсек, түпкүлүгүндө, ал Америка бийлигинин экономиканы салыштыра турган ыкманы өзгөртүшү себептүү болду. Анткени, бул бийлик өсүү салыштырыла турган ыкманы өзгөрттү. Бул, музыка продукциялары, дары-дармектер жана препараттарды иштеп чыгаруу мүлкчүлүк укугу… сыяктуу экономикага пикирий мүлкчүлүктү киргизүү аркылуу ишке ашырылды. Бул өзгөртүү экономикада кошумча 370 миллиард доллар пайда болушуна себеп болду. Бул болсо 2,5% өзгөрүүнү (көтөрүлүүнү) чагылдырат. Ошого карабастан, Кошмо Штаттар экономикасы дале өсүү үчүн күрөшүп жатат. Ошол эле учурда, анын жарандарынын чыгашалары азайды. Демек, сенектик бүттү деп билдирилип жаткан отчёттордун чыгарылышынын себеби чыныгы эмес жасалма статистикалык маалыматтар таратылып жаткан ыкмага барып такалат.

2 – Эми, Европа жооптуулары тарабынан берилип жаткан маалыматтарга келсек, алар да туруктуу өсүүнү айгинелебейт. Жарыя кылынган билдирүүлөр үстүртөн биринчи баалоо болуп, алар бүткүл Европаны өз ичине камтыбаган. Анткени, Ирландия, Греция сыяктуу экономикалык жактан кыйналып жаткан мамлекеттер бул маалыматтарга кирбеген. Чыгарылып жаткан бул маалыматтар үстүртөн баалоо болуп, аларды Европа маалыматтар агенттиги - Евростат чогулткан. Бул агенттик улуттук статистика бюролору тарабынан берилген маалыматтарга таянат. Бул бюролар болсо, маалыматтарды чогултууда бир-биринен айырмаланат жана өсүүгө бере турган баалоосунда көбүрөөк изилдөөлөргө таянат. Адатта бул баалоолор көп жолу кайра каралып чыгат. Ошондуктан, немис статистикалык бюросу биринчи баалоолордон, жада калса, төрт жыл кийин да кайра каралып чыгышы мүмкүндүгүн көрсөтүп өтөт. Анткени, кошумча маалыматтар да эсепке алынат. Ошондуктан, статистикалык маалыматтардагы кемчиликтер этибарга алынса, демек Европада абал жакшыланды деп айтуу мүмкүн эмес.

3 - Кытай жөнүндө айта турган болсок, бул жерде Кытай өзүнүн экономикасы жөнүндө чыгарып жаткан маалыматтар жөнүндө бир далай суроолор жана шек-күмөндөр ар дайым болуп келген. Кытай ири мамлекет, анткени ал калкынын саны жагынан дүйнөдөгү эң чоң мамлекет эсептелип, жер аянты да чоң. Ошондуктан, Кытай экономикасынын өсүү абалы жөнүндө маалыматтарды топтоо абдан чоң процесс…

Күзөтүүчүлөрдө Кытай өткөн жылдагы жылдык ички дүң продукцияга тиешелүү сандарды январь айынын үчүнчү аптасында бериши күмөндөрдү пайда кылууда. Анткени, Кытай бийлиги жылдын толук натыйжаларын үч апта арасында анык баалап чыгышы өтө кыйын! Бул болсо, түпкүлүгүндө Кытай бул маалыматтар менен дүйнө Кытай экономикасын жакшы деп ойлошун максат кылууда деп айтууга негиз жаратат.

**Алтынчы: Корутунду**

Дүйнөлүк финансылык кризис али бүткөн жок. Анын акыбеттери дале сезилип турат. Бул акыбеттерди дале каражаттар бөлүү менен чечүүгө аракеттер жасалууда, мисалы Америка ушундай кылууда. Же Европада Германия кылып жаткандай сарамжалдык менен чечүүгө аракет кылынууда. Мисалы, Америка базарга 85 миллиард долларды чыгарды т.а. бул акчаларды компанияларга алардын сакталып калышы үчүн берди. Европа болсо сарамжалдык саясатын жүргүзүүдө. Демек, бул, кризис дале уланып жатканына жана экономика мамлекет аралашуусусуз жана анын жардамдарысыз табигый жолунда бара жатпаганына бир далил. Кудум бул экономика жасалма түрдө дем алдырылып жаткандай болууда. Белгилүү болгондой, мамлекеттин аралашуусу капитализм түзүмүнө карама-каршы келет. Анткени, бул түзүмдө базарды бийлик чеңгелинен чыгаруу керектиги көрсөтүлгөн. Демек, компанияларды жана башка финансылык мекемелерди куткаруу үчүн мамлекеттин базарга аралашуусу мүмкүн эмес же базар аракетине чектөө коюу мүмкүн эмес. Демек, бул түзүм толук эркин болушун жана базар өзүн өзү «дабалашын» талап кылат. Анткени, капитализм мабдасы боюнча бул аралашуу өнүгүүгө тоскоолдук кылат, компаниялардын жарактуусу калып, ишке жарабаган компаниялар өз ордун башкаларга бошотуп бериши керек. Ошондуктан, базарда атаандаштыкка кудуреттүү болгон компаниялар гана калат. Капитализм назариясына (теориясына) ылайык, экономика ушул таризде өнүгөт жана эркин аракет кылат. Бирок, турмуш чындыгы бул назариянын жалгандыгын тастыктап турат, капиталисттик мамлекеттердин иш-аракеттери да бул назариянын туура эмесин көрсөтүп турат. Демек, кризис себептери жана проблемалардын булагы чечилген жок. Себеби, алар капитализм түзүмүндө камтылган десек да болот. Ошондуктан, ар учурда бул кризис дагы кайталанышы мүмкүн. Ал кудум тынымсыз оорудан азап тартып жаткан оорулууга окшойт. Бул оорулуунун абалы кыйла жакшыланганы жөнүндө жыйынтык берилет да, эч канча убакыт өтпөй мунун тескерисин көрсөткөн башка жыйынтыктар чыгат.

Ошондо, бул оорулууга анын өмүрүн сактап калуу үчүн тынчтандыруучу дарылар берилет, бирок, ал айыкпас оорудан азап тарта берет…

Ошентип, демек дүйнөлүк экономика жакшыланган жок, кризис дале улануууда, проблемалар дагы эле бар. Капитализм түзүмү бар болгон соң, бул кризис жана проблемалар да токтобойт. Алардын натыйжасында миллиарддаган адамдар жакырчылыкка дуушар болот, көптөгөн каражаттар адамдардын колуна тийбей жок болуп кете берет. Акыбетте, бактысыздык көп адамдарды өз иримине тартат, бир ууч капиталисттер болсо эң көп байлыктарга ээ болуп алат. Ушул себептен улам, демек кризис кудум кээде жарылып, кээде тынчтана турган вулканга окшоп тура берет. Ушундан келип чыгып айта алабыз, чыныгы чечим бир гана Исламда. Ислам экономикалык проблема – байлыктарды туура көрүнүштө бөлүштүрүүдө жана каражаттар айрым капчыктарда гана чогулуп калышына жол бербей, ар бир адамдын пайдаланышына жана өз үлүшүнө ээ болушуна мүмкүнчүлүк берүүдө деп билет. Капитализм коомго бул жерде баланча көлөмдө акчалар, байлыктар бар жана адамдын үлүшү баланча болот деген жалпы назарда карайт. Түпкүлүгүндө болсо, бул байлыктар адамдын үлүшү эмес, бир ууч топтун үлүшү болуп калууда! Ислам болсо коомго андай жалпы назарда карабайт!

Аллах Субханахудан Ислам башкаруусу, рошид Халифалык дагы жашоого кайтып жыргалчылык, бейпилдик жана туура экономикалык турмуш келишин сурап калабыз. Бул жакшылык Исламий Үммөттү гана эмес, бүткүл дүйнөнү нурдантат. Аллах Субханаху Азиз, Хаким Зат.

## Экономикалык кризис тууралуу

**Суроо:** *Америкада башталып Европаны кийин бүткүл дүйнөнү курчап алган экономикалык кризис кандай даражага жетти?*

**Жооп:** Бул маселеге айкындык киргизүү үчүн ушуларды айтабыз:

1 – Кошмо Штаттардагы кыймылсыз мүлк базарынын кулашы бүткүл дүйнө байлап жайылды, бул болсо, бир нече банктардын банкрот болушуна алып келди, натыйжада, бул дүйнөлүк экономикалык кулоону

токтотуу үчүн өкмөттөр болуп көрбөгөндөй теризде аралашты. Ушуга карабастан, азыркы учурда чоң тургундук деп аталып жаткан абалда турабыз, ал 1929-жылдагы улуу депрессиядан да жаманыраак. Бул дүйнөлүк финансылык кризис бир чындыкты даана көрсөтүп берди т.а. мурунку он жылдыктагы экономикалык өсүү түпкүлүгүндө карыздардын натыйжасы болгонун көрсөттү. Ошондуктан, башталганына беш жыл өткөнүнө карабастан дүйнөдөгү эң чоң экономикалар бул кризисти алиге чейин чече албай келе жатат!

2 – Дүйнөнүн ири экономикалары бул кризисти чечүүдө өз ара ылайыктап тартиптештирүү үчүн биргеликте күч жумшоого аракет кылышты. Бул ылайыктап тартиптештирүүнүн негизи – дүйнөлүк экономика глобалдаштыруу таасирлери натыйжасында бири-бирине байланыштуу болду. Ошондуктан, жамааттык жана глобалдуу аракет дүйнөгө пайдалуу болмок. Бирок, бул биргеликте аракет кылуу узакка созулган жок, себеби, ар бир мамлекет өзүнүн коопсуздугу үчүн күрөшкөн экономикалык улутчулдукта (экономический национализм) ар бир калк башка мамлекеттер дүйнөлүк резервди каржылайт деп күткөн. Бул нерсе G20 мамлекеттеринин кулап бара жаткан экономикаларды куткаруу үчүн каражат менен камсыздоого аракет кылып өткөргөн түрдүү жыйындары жана саммиттеринде ачык-айкын байкалды. Себеби, натыйжа ушул болду, көптөгөн каражат менен камсыздоо долбоорлору кагазда калып кетти, ири мамлекеттердин экономикалык улутчулдук көз карашы себептүү ушундай болду. «Экономист» гезити 2010-жылы мындай деп жазып чыкты: «Бирок, азыркы тарыхтын эң караңгы доорунун элеси кайра пайда болушу олуттуу каршы жоопту талап кылууда. Себеби, ичкериде (ар бир мамлекет ичинде) иш орундарын жана капиталды сактап калууга урунуп жаткан экономикалык улутчулдук экономикалык кризистин саясий кризиске жана дүйнө үчүн сенектик коркунучу пайда болушуна алып келди. Ошондуктан, эгер

экономикалык улутчулдук тезинен жоготулбаса, акыбеттер өтө жаман болот».

3 – Немистер менен америкалыктар ортосунда дүйнөлүк экономиканын келечеги үчүн эң жакшы жол жаатында кескин тартышуулар болуп өттү. Себеби, Ангела Меркель Кошмо Штаттардын ишке салып жаткан өсүүнүн туруксуз моделин эскирип калган модель деген пикирди билдирди. Анын бул пикирине башка көпчүлүк мамлекеттер да кошулду. Бул модель аз пайыздык кредит алуу жана карыз берүүдөн азыктана турган өсүү болуп саналат, ал бийликтин өсүүнү жандантуу үчүн каражаттардан пайдалануудагы көз карашы боюнча болот. Меркель муну эскирип калган модель деди. Европа карманып жаткан вариант боюнча ар бир мамлекет сарамжалдоо чаралары аркылуу бюджеттеги дефицит деңгээлин көзөмөлдө кармоо керек. Сарамжалдоо чаралары адатта өкмөт өз карыздарын төлөө милдетин аткара албоо коркунучу жаралганда колдонулат. Бул иш экономикалык өсүүдөн бүтүндөй башка бир өзүнчө максат болуп эсептелет. Көптөгөн ири экономикалардын кредит рейтингдерине коркунуч туулгандыктан алардын бир канчасы сарамжалдоо жолуна өттү т.а. финансылык базарларды камсыздоо үчүн өкмөт дефицитин азайтуу жолуна өттү. Сарамжалдоодогу проблема ушул: түпкүлүгүндө мындай саясат коомдо иш орундарын жана киреше булактарын пайда кыла турган, арийне, жалпы көрүнүштө экономикалык өсүүгө алып келе турган өсүүнү көздөбөйт, тескерисинче, өкмөттүн карыздарын азайтууну гана максат кылат.

4 – Кошмо Штаттардын өсүүнү жандандырууга аракет кылган жолу жакшы натыйжаларды бербеди. Себеби, жандандыру өкмөттүн оболу чет элден (мисалы, Кытайдан) карызга алган акчаларды ишке салып мамлекеттин чыгашаларын көбөйтүүнү талап кылат – мисалы, Кошмо Штаттардагы абал сыяктуу же борбордук банктар акчаларды басып чыгарууну ишке салышын талап кылат. Бул чаралардын баары убактылу чаралар болуп, кризисте турган экономикаларды бир аз убакыт жандандырышы мүмкүн, бирок, туруктуу

экономикалык өнүгүү үчүн жардам бере албайт. Ошондуктан, өсүү түпкүлүгүндө таасири убактылуу болушу максат кылынган жандандыруу чараларынан келип чыккан көбүртүлгөн натыйжалар болуп эсептелет. Арийне, жандандыруу иш орундарын жана кызмат көрсөтүү тармагын колдоп-кубаттайт. Бул жандандыруу токтотулганда алар да бүтөт, мамлекет экономикасы болсо мурунку өзгөрүүсүз абалында кала берет.

5 – Батыш өкмөттөрү да «көлөмдүк жеңилдетүү» жолуна өттү, ал акчаларды басып чыгаруу үчүн электрондук каражат катары ишке салынган бир жаңыча өнүгүү. Салттуу болбогон бул саясат саясаттар кыйраганы үчүн борбордук банктар (т.а. өкмөт) тарабынан улуттук экономиканы жандандыруу үчүн ишке салынды. Ушуга ылайык, бул борбордук банктар көлөмдүк жеңилдетүү «Quantitative Easing» же «QE» деген нерсени колдоно баштады, муну облигациялар жана акциялар сыяктуу финансылык активдерди «Financial assets» сатып алуу аркылуу ишке ашыра турган болду. Алдын ала белгиленген каражат көлөмүн экономикага «эмдөө» үчүн ушундай кыла турган болду. Бул болсо өкмөт банктардан финансылык активдерди жаңы электрондук акча менен сатып алуу аркылуу ишке ашырылат т.а. өкмөт бул финансылык активдердин бааларын банктарга чыныгы жол менен эмес, электрондук акча менен төлөйт, бул чара натыйжасында банктардын резерви көбөйөт. Бул чаралардын баарына карабастан дүйнөлүк экономиканын абалы 2013-жылдын башталышында 2012-жылдын башталышындагы абалынан жакшы эмес. Тескерисинче, бардык жакты курчап алып жаткан экономикалык сенектиктен качкан кээ бир мамлекеттерди бул сенектик жемирип таштады. Мына мисалы, 2013-жылдын башталышынан бери чыгып жаткан отчёттордо Британия башка айрым Европа мамлекеттерине окшоп чоң экономикалык кризиске киришинин ыктымалы бар экендиги жөнүндө айтылууда. Белгилүү болгондой, бул Европа мамлекеттеринин мойнунда триллиондогон долларлар менен эсептеле турган оор карыздар турат. Ошентип, көлөмдүк

жеңилдетүү түпкүлүгүндө эч кандай күчтүү натыйжа бербеди, тескерисинче, дүйнөлүк экономика экономикалык кризис башталганынан беш жыл өткөндөн кийин да дагы эле ошол оор абалда калууда, айрыкча, жумушсуздуктун тынымсыз өсүшү себептүү ушундай болууда. Чындыгында, Европада социалдык тартипсиздик башталды. Кризисти чечүүдөгү бардык аракеттер карыздарга таянган өсүү проблемасын чече албады. Себеби, проблеманын түпкү себеби мына ушул карыздар. Демек, кризисти чечүү аракеттери дагы да көбүрөөк карыздар натыйжасын гана берди. Демек, Батыш өкмөттөрү ооруну ошол оору менен дарылоого урунуп жатат.

6 – Аягында ушуну айтмакчыбыз бул жерде экономикалык жанданууга алып келиши мүмкүн болгон үч ыктымал бар, биз аларды эң төмөндөгүсүнөн эң жогоркусуна чейин айтып өтөбүз:

Биринчи ыктымал: Рецессия депрессияга айланып бара жатат, баалар кескин төмөндөөдө, бул болсо, мүлккө, кредиттерге жана товарларга болгон баанын төмөндөшүнө алып келет. Андыктан, бул нерсе активдерди сатып алууну жеңилдеткендиктен экономикалык өсүүгө түрткү болушу мүмкүн. Бул, ыктымал күчсүз божомол. Себеби, негизинен, капитализм экономикасы карыздар жана ушул карыздарга коюлган пайыз (сүткордук) үстүнө курулган, ошондуктан, эгер капитализм экономикасы турган соң, карыздар пайызынын төмөндүгү узакка созулбайт.

Экинчи ыктымал: Кытай Батышты куткарышы. Себеби, Кытайдын чоң соодасы жана ашыкча акчалары Кошмо Штаттар, Британия жана евро регионунун кеңири секторлорунун карыздары менен байланып калган. Ошондуктан, Батышты куткаруу Кытай үчүн пайдалуу. Бул болсо Батыш дүйнөсүнүн Кытай лидерлигин кабыл алууга мажбур болушун да түшүндүрөт. Бирок, бул жерде маселе Батыштын мындай куткарышын кабыл алышында эмес, тескерисинче, Кытай мындай саясатты кабыл алышы же албашында.

Үчүнчү ыктымал: Халифалык мамлекетинин нуру тарашы жана исламий экономикалык түзүмдүн колдонулушу. Мунун натыйжасында Халифалык мамлекети эле эмес, бул мамлекет менен мамиледе болгон башка мамлекеттер да пайда көрөт, бул болсо, мындай эл аралык кризистерди жок кылып жиберет же көзөмөлдөө мүмкүн болгон абалга салат.

**2-робиул-аввал, 1434-х.**

**14-январь, 2013-м.**

## Эмираттын көз карандылыгы жана анын аймактагы кээ бир негизги маселелердеги позициясы

**Суроо:** *Маалым болгондой, Эмираттын позициясында кээ бир карама-каршылыктар жана проблемалар бар. Мисалы, Эмираттын позициясы менен Британия малайларынын позициясы ортосундагы карама-карышылыктар. Эмират бир аз мурдараак Абдул Мансур Хаадини суз кабыл алды. Ошондой эле, Аден аэропортунун коопсуздук кызматынын мүдүрүн кызматтан кетирүү тууралуу Хаадинин токтомун да четке какты. Дагы Тунис менен болгон алакасында чыңалуу жүз берди... Ошол эле учурда, Эмират Америка малайлары менен көңүл бурарлык деңгээлде ымала кылууда. Америка малайы болгон Салмандын жетекчилигиндеги «Бороондуу чечкиндүүлүк» аскерий иш-чарасына катышты. Кийин Ливиядагы Америка малайы болгон Хафтардын тарабында бекем турду. Кийин Миср президенти Сисини чексиз колдоодо. Эмираттын Америка малайларына ыктап, Британия малайларынан оолактоосун кандай түшүнсө болот?*

**Жооп:**

1 – 1971-жылдан кийин жети эмират биригип Бирикен Араб Эмираты болду. Абу-Дабинин эмири Зайд бин Султанаали Нахян Эмираттын мамбашы болду. 2004-жылы ал дүйнөдөн кайткандан кийин, анын улуу уулу Халифа бин Зайд аали Нахян 9 милион жашоочусу бар Эмиратка президент болуп калды. Эмираттын түпкү жашоочулары анын жашоочуларынын 11% түзөт. Халифа Эмираттын аскерий кудуретин

ашырууга көңүл бөлдү. Ал Батыш өлкөлөрүнөн аскерий куралдарды сатып алуу жана аскерлерди машыгуудан өткөрүү аркылуу аскерий жакты аракетке келтире баштады. Эмират келишим алкагында Америкадан 6.4 милиард долларга «F-16E/F Desert Falcon» үлгүсүндөгү 80 учак сатып алды. Кийин Эмират «Apache» үлгүсүндөгү вертолет, «F-16» үлгүсүндөгү истребитель, брондолгон унаалар, ракеталар топтомун жана ок-дарыларды да сатып алды. Ушундан кийин Эмираттын ролу саясий иштерге, балким, аскерий иштерге да даяр болду! 2010-жылы Британия королевасы Эмиратка иш сапары менен барганда, Эмираттын бул ролу жогорку чекке жетти. «Британия королевасы Елизабет II кече кечинде Абу-Дабиге расмий иш сапары менен барды. Британиянын Эмираттагы элчиси Доминик Жереми «French Press» кабар агенттигине берген маегинде мындай деди: «Королева менен Эмират президентин бекем достук байлап турат». Эмираттын Лондондогу элчиси Абдур-Рахман Аль Ганет Mutaiwee бул иш сапарды эки өлкө ортосундагы эки тараптуу алакалардын жогорку чекке жеткендиги катары баалап: «Абдан маанилүү...» деди». (Шаркул Авсад гезити, 2010-жыл 25-ноябрь). Эмират өз ролун ийине жеткире аткара баштады. Аймакта Британия кызыкчылыгын ишке ашырууда колонизаторлук коалицияга кошулуп алды. Британия коалициясы болобу, Америка коалициясы болобу, айырмасы жок кошулду.

Эмират коалицияга, Америка саясаты ичинде Британиянын тыңчысы болуу үчүн Британия жолу аркылуу кирди. Эмират мына ушундайча Британияга көз каранды болгондугуна карабастан, Америка көлөкөсү астында жүрө баштады жана анын малайы болгон араб коалициясына да кошулду. Саудия жетекчилигиндеги «борондуу чечкиндүүлүк» аскерий иш-чарасына да кошулду. Ал Саудиядан кийинки эле аскерий күч кубатка ээ. Ал бул аскерий иш-чарага 30 тик учагы менен катышты. Ал өзүн Американын союздашындай кылып көргөздү. Эмираттын Вашингтондогу элчиси Юсуф ал Атайба мындай деди: «Кичинекей спарта лакабы менен белгилүү Эмират Американын чыныгы күчтүү союздашы». (Вашингтон пост, 2014-жыл, 9-

ноябрь). 2017-жылы 3-январда Вашингтон посттун Эмираттын «Al Dhafra» базасындагы корреспонденти мындай деди: «Американын тик учактары алты жумадан бери Сирия жана Иракка бомба таштоо үчүн Эмираттын «Al Dhafra» базасынан учуп жатат». Дагы кошумчалап мындай деди: «Көпчүлүк биле бербейт, «Al Dhafra» базасында 3500 Америка аскери жайгашкан жана ал «F-22» үлгүсүндөгү тик учак жайгашкан аймактагы жападан-жалгыз аскерий база». Гезит Американын Ортоңку Чыгыштагы аскерлеринин мурдагы жетекчиси Энтони Зиннинин цитатасын келтирди: «Бүгүнкү күндөгү араб ааламынын кайсы мамлекети болбосун, Эмират менен Америка ортосундагы алака өтө күчтүү». Мына ушундайча Эмират өзүн Американын күчтүү союздашы катары көргөздү. Акыйкатта болсо, Эмират Британия үчүн өзгөчө роль ойноп берет. Америка менен шериктеш катышкан согуштарга Британиянын ишарасы менен гана катышат. Британия жолу аркылуу өзүн Американы колдоп жаткандай түр көрсөтүп, парда артында Америкага карата ташбиш жаратат.

Эске сала кетчү нерсе, 1956-жылы Британия чыгыш Суэц согушунан жеңилгенден кийин, 1963-жылы Йемен согушунда катуу жеңилүүгө дуушар болду. 1968-жылы Булуңдан аскерий жактан чыгып кетүүгө токтом кылып, 1971-жылы ал токтомду ишке ашырды. Ушунун баары аны бул аймактарда мурдагыдай таасирге ээ болуп калып калышына жолтоо болду. Ошондуктан, ал колонизаторлук көрүнүшүн өзгөртүп, аскерий жактан чыгып кетүүнү жана саясий, коопсуздук, экономикалык жактан колонизаторлук кылып калууну абзел көрдү. Ал мындай көрүнүштөгү колонизаторлугун көпчүлүк колонияларында ишке ашырды. Ошол убактан бери, тактап айтканда, чыгыш Суэцтен толук түрдө аскерий жактан чыгып кеткенден бери, Британия Америкага ачык түрдө бетме-бет туруу кудуретинен ажыраган. Анын Америкага карата саясаты – сыртынан Американы колдоого алымыш болот, а ичинен аны ташбишке салуу үчүн ролдорду малайларына бөлүштүрүп берет. Ал роль Америка жана анын малайларына өзүн дос катары көргөзүп,

Америка планы негизинде жүргөндөй түр жаратат. Акыйкатта болсо, ал Британия жана анын малайларын дос тутат.

2 – Суроодо келген Эмираттын позициясын мындайча түшүнүүгө болот:

а) Амирликтердин Йемендеги ролу:

2015-жылдын мартында, Саудия жетекчилигиндеги Йеменге карата «бороондуу чечкиндүүлүк» аскерий иш-чарасына Эмират башынан баштап кошулду. Иш сыртынан карганда ыргактуу кетип жаткандай түр жаратты. Бирок, акыйкатта андай болгон жок. Саудия бул аскерий иш-чараны абадан бомбалоо менен гана чектелүүнү каалады. Ал эми Эмират согушка кургактыктан да аралаша баштады. Мындан көрүнүп тургандай, Эмират Йеменге ири кургактык күчтөрүн да киргизүүдө коалицияны пайдаланды. 2015-жылы 4-апрелде Саудия кургактык күчтөрдүн Йеменде болушун четке какты. 2015-жылы 21-апрелде «бороондуу чечкиндүүлүк» иш-чарасынын аягына чыккандыгын жарыялады. Кийин «үмүттүн кайра жаралуусу» аскерий иш-чарасын баштады. Ушунун баары саясий жөнгө салуу үчүн абадан гана сокку берүүнү каалап жаткан Саудия менен Эмираттын ортосундагы чыңалуу абалы болгондугун айгинелеп турат. Саудиянын «үмүттүн кайра жаралуусу» аскерий иш-чарасын баштоосу ушуга ишара кылып турат. Эмират болсо бир тараптан бул аскерий иш-чара аркылуу Йемендин шаарларында хувсийлерди толук жеңилүүгө учуратууну каалады. Ошол эле маалда, Саудия Хувсийлерге кысым кылуу аркылуу гана саясий жөнгө салууну каалады. Эмират кургактыктан согуш алып баруу менен Хувсийлерди жеңилүүгө дуушар кылып артка сүрүүнү каалады...

Саудия менен Эмираттын карама-каршылыгы бул эле эмес. Балким, бийликтен кулатылган Солих боюнча да позициялары карама-каршы. Саудия бийликтен кулатылган Солихке каршы болсо, Эмираттын аны колдошу тууралуу маалыматтар байма-бай чыгып жатты. Балким «бороонду чечкиндүүлүк» аскерий иш-чарсындагы бир бомбалоодон аны куткарып

калгандыгы тууралуу маалымат тарады. Миср арабий сайты 2015-жылы 4-апрелде буга ишара кылган маалыматты таратты: Йемендин жогорку жооптуусу «Миср арабий» сайтындагы билдирүүсүндө буларды ачыктады: «Бул жерде Абу-Даби Сананы бомбалоого алуудан бир саат мурун мурунку президент Абдулло Солихтин баласына бомбалоо тууралуу билдирип койгондугу себебтүү, Саудия менен Эмираттын ортосунда карама-каршылыктар келип чыкты. Эмираттын ою боюнча, чечимди демилгелөө үчүн Солихти сактап калуу зарыл. Эмираттын Солихти өлүмдөн куткарып калгандыгы тууралуу маалымат жылжып чыкты. Аны борбор калаа Санадан бомбалоодон бир саат мурун коопсуз жайга алып чыгып кеткендиги маалым болду». Эмираттын Солихти колдоого алгандыгына дагы бир ишара: Эмират Солихке санкция берүү тууралуу эл аралык токтомду этибарсыз калтырды. Эмират дагы деле Солихти өзүнүн союздашы катары санап, ага жана анын үй-бүлөсүнө акчалай, аскерий жактан жардам берип жаткандыгын айыптаган билдирүүлөр сайттар аркылуу байма-бай чагылдырылды. Ушунун баары Эмират иш жүзүндө Солих жана Хувсийлерге каршы сокку уруп жаткан Саудия жетегиндеги араб колалициясына шериктеш иш алып баруусу менен удаалаш эле, бул тарабын да ишке ашырып барды. Эмират катышып жаткан бул согуштун ачык урааны «өлкөгө мыйзамдуулукту орнотуу» жана «Хувсийлердин кандуу ыңкылабына чек койуу» алкагында болду. Эмираттын мындай алакасын 2015-жылы 22-октябрьда «Йемен Press» маалыматы тасдыктап турат: «Йемен Солихке жана Хувсийлерге каршы согушка катышып жатканына карабастан, бийликтен кулатылган президенттин баласы генерал Ахмед Али Солих Эмиратта турары жана өзгөчө коргоого алынганы кабарланды!».

Кийин БУУ президент Хаадини бийликтен кетирүү талабын койгондо, Хаади өзү бороондун чордонунда калды. Тактап айтканда, Британия башка күч жана иш пландарды даярдай баштады. Эгер эл аралык жөнгө салуу Хаадини Йемендеги саясий аренадан алыстатып жиберсе, Хаадинин саясий

ренадан алысташы Британиянын Йемендеги таасиринен алысташына себеб болбошу үчүн Британия башка иш пландарды даярдады. Бири кетсе экинчиси келгидей кылып. Хаади болсо, ошол саясий пландардын бири гана болчу. Мына ушундайча Британия Эмиратты Солихти колдоого ала тургандай кылды. Солих дагы, Хаади дагы Британия адамдарынан. Бирок, бул жердеги маселеде Британиянын айлакерлиги негизинде ролдорду бөлүштүрүп берүү каралган! Эмират менен Хаадинин ортосундагы карама-каршылык Британиянын ушул айлакер планынын алкагында гана орун алды. Кийин Хаади Абу-Дабиде суз кабыл алынды. Хаадинин Аден аэропортунун мүдүрү Салах аль-Амирди (Абу Каттан) кызматтан кетирүүсүнө Эмират каршы чыкты. Тактап айтканда, Йемендеги Хаади жүргүзүп жаткан саясатка Эмират каршы чыкты, негизи, Хаади дагы Британия малайларынан, ошону менен бирге эле, Британия Эмиратка тапшырган ролдун негизинде Эмират ушундай кадамдарды кылды. Мына ушундайча Эмират өзүн Булуң демилгесинде макул болгон Хаади тарабында эместей кылып көргөздү. Ал өзүн Британиянын башка малайы Солих тарабында экендей кылып көргөздү. Ушундайча Эмират Йеменде Америка кызыкчылыгы үчүн роль ойноп жаткан Саудия менен аралашып, Британия кызыкчылыгы үчүн роль ойноп берди.

б) Эмираттын Ливиядагы ролу:

Эмираттын Ливияда аткара турган ролу сызып берилген. Эмираттын Ливияда исламийлерге каршы алып барып жаткан кеңири саясатына назар салуу менен анын аткарып жаткан ролун жеңил эле түшүнүүгө болот. Бул саясатка Британиянын мурунку премьери Тони Блэр негиз салып жетектеген. Ошондой эле, Эмираттын БУУ өкүлү Леон менен болгон алакасында да жана Ливияны колдоп-кубаттоого алуусунда да Эмираттын бул ролу ачык эле көрүнүп турат. Эмират ушунун баарын Британиянын таасири күчөшүнө абал жаратуу максатында кылды. Башкача айтканда, Ливияда Британиянын Йемендегидей мүмкүнчүлгү болушу үчүн, ага таасир абалдарын жаратып

берүү. Анткени Британиянын Ливиядагы таасири Каддафи мезгилинде солгундап калган эле. Эмираттын Ливиядагы илманийлерди (светскийлерди) жана уруу башчыларын колдоого алуусу, ошондой эле, исламийлерге каршы иш алып баруусу, Катардын Ливияда колдоого алган күчтөрүнө карама-каршы койду. Катар «исламийлер» чөйрөсүндө Британия кызыкчылыгы үчүн иш алып барат. Эмират илманийлер жана уруу башчылар чөйрөсүндө Британия кызыкчылыгы үчүн иш алып барат. Эмират менен Катарга бөлүштүрүлгөн бул ролдорду Американын «Policy» журналы басып чыккан. 2014-жылы 28-августта тактап айтканда, Эмират Ливияда абадан сокку ургандан кийин «арабий» сайты ал журналдан көчүрүп басып чыкты: «Американын «Policy» журналында мындай келген: Ливияда таасир талашуучу аймактар аралык күрөшү 2011-жылы полковник Каддафинин режимине каршы күрөшүү мезгилинен башталган. Катар Исламга ыктаган согушкерлерди колдоого алат. Эмират уруу күчтөрүн, айрыкча, Ливиянын батышындагы «Zintan» урууларын колдоого алат». Американын бул журналы Эмираттын Ливиядагы иш алып барып жаткан адамдарынын аттарына чейин атап, алардын шермендесин чыгарды.

Ошондой эле, Эмират БУУнун Ливиядагы атайын өкүлү, Европага ыктаган испаниялык Бернардино Леон менен да тыгыз алака алып барды. Эмират Табрук парламентине жана Хафтардын жамаатына колдоо көргөзүү үчүн, Леон менен тыгыз иш алып барды. Гезиттер Леондун Эмират ТИМи менен жазышкан электрондук каттары тууралуу жылжып чыккан хабарларды жарыялап жиберишти. Ошондой эле, Леондун Ливиядагы мансабынан түшкөндөн кийин эле, Эмиратта жогорку маяналуу жумушка орношкону да газеталарда кабарланды. Британияга ыктаган БУУнун Ливиядагы атайын өкүлү Леон менен Эмираттын ортосундагы мындай тыгыз алака Эмираттын Ливияда аткарган ролуна Британия раазы экендигине ишаара кылып турат. Эмираттын бул ролу 2014-жылы августта Триполиде исламийлерге каршы абадан урган соккусунан кийин айдан-ачык көрүндү. 2014-жылы 4-августта

Парламенттин биринчи отурумунан кийин эле, аны Табрукка көчүрүү учуруна туш келген Эмираттын абадан болгон бул чабуулун Америка биринчилерден болуп ачыкка чыгарды! Эске сала кетчү нерсе, Эмираттын илманийлерди колдоого алып, исламийлерге каршы күрөшүүсүнүн артында Британия турат. 2017-жылы 31-январда Миср арабий сайты жана дагы бир тараптан Британиянын «Телеграф» газетасы буларды ачыктады: «Тони Блэр» консультациялык борбору Эмиратка насаат жана кеңеш бериши үчүн Эмират менен 35 милион долларлык контракт түзгөндүгү маалым болду. Бул контракт «Тони Блэр» консултациялык борбору менен Эмират ТИМнин ортосундагы пландалган долбоордун алкагында болду». Ушундан көрүнүп тургандай, Британия малайларына сыртынан караганда бири-бирине карама-каршы келген ролдорду бөлүштүрүп берет. Бирок жыйынтыктап келгенде, баары Британия максады үчүн болот. Британия баардык малайларын бир тараптуу койбойт, айрыкча, Ливия сыяктуу өзүнүн иш пландары көп болгон өлкөлөрдө. Катар Хафтарга каршы турду жана Британияга ыктаган өкмөттү колдоого алды. Эмират Хафтарды колдоп жаткандай түр көргөзүп, аны аскерий күч-кубат менен колдоого алды.

в) Эмираттын Тунистеги ролу:

Тунис президенти Бааджи Эс-Себси 2015-жылы ноябрда мындай деди: ... «Эмират туруксуздук кылуу ыкмаларын ишке салууну улантып жатат. Ал өзүн (жооп берип калуудан) коопсузмун деп ойлоп жатат. Эмират коопкоркунучу жок эле күчтү пайда кылууга акчасы жетиштүү, анткени, ал Европа акчасына сүйөнөт». (Мидл Ист Эй, 2015-жыл 30-ноябрь). Эмират менен Тунистин ортосундагы алакада чыңалуу болгондой түр жаралгандыгына назар салынса, Британия жолу менен кетип жаткандыгы анык көрүнүп турат. Бул чыңалуу жасалма экендиги да ачык көрүнүп турат. Буга далил, Тунис президенти Бааджи Эс-Себсинин Эмиратка иш сапары менен барышы. Эмират менен Тунистин ортосундагы алакада чыңалуу тууралуу сөз жүрүп жаткан учурда, Тунис Ливия жана Алжир менен болгон

чек арасын бекемдеш үчүн, Франциядан аскерий техникаларды, курал-жарактарды сатып алууга Эмираттын жардамдашары тууралуу да маалымат таркалды. Франция президенти Олланд Тунис президенти Эс-Себси менен жолугушуусунан кийин берген пресс-конференцияда мындай деди: «Бул тармакта үч өлкө кызматташ иш алып барат». Муну Олланд 2015-жылы 7-апрелде Франция менен Тунистин ортосундагы курал сатып алуу тууралуу келишим бар экендиги жөнүндөгү берилген суроого Жооп берип жатып айтты. Тунистин ТИМи Тойиб Бакуш «Тунис Франция менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жаткандыгын жана куралды сатып алууда жардамдашуу үчүн Эмират менен да сүйлөшүүлөрдү өткөрүп жаткандыгын» ачыктады. («Международная страница», 2015-жыл 7-апрель). Мына ушундайча, Эмират бир тараптан Тунистин курал сатып алуусуна жардамдашты. Экинчи тараптан аны менен болгон алакасында чыңалуу бардай кылып көргөздү. Ошондуктан, Тунис менен болгон алакасындагы чыңалуу чыныгы эмес, ал жасалма чыңалуу болду. Эмират Тунисте жана анын айланасында, айрыкча, Ливия жаатында Британия ролун ойноп жатат. Анткени, Тунис Хафтарга каршы, жана Тунисте түзүлүп кийин Триполиге көчкөн Ливиянын «Улуттук биримдик» өкмөтү тарабында турат. Эмираттын Тунис менен болгон алакасында чыңалуу бардай кылып көргөзүүсү Хафтарды алдоого каратылган. Тактап айтканда, англистердин айлакерлиги негизинде!

г) Эмираттын Сиси менен болгон ролу:

2013-жылдын ортосунда төңкөрүш негизинде келген Сисини Эмират жана Саудия кең көлөмдүү колдоого алышты. Ал учурда Саудияны Британия малайы Абдулла башкарып турган. Муну мындай түшүнүүгө болот: Британия Америка менен тарапташ болуп, аны менен бирге кадамдашты. Малайларынан да Америка малайлары менен тарапташ болууларын талаб кылды. Анкени, Америка малайларынын колу бул чөлкөмдө жогору эле. Аларга салыштырмалуу Британия малайларынын колу алсыз болчу. Британия өз малайларын Америка малайларына ачыктан-ачык душмандык

сапта туруууларына түрткөн жок. Бирок, айрым учурларда гана, мисалы, Катар Сисиге карата душмандык позицияда болду. Британия өзү Сиси менен душмандык позицияда болбоду. Британия Сисини тынчтандыра турган ишараларды берип жатты. Эмират аркылуу аны өзүнө жакындаштырды. Британиянын Сисиге карата бул позициясын Британиялык басылмалар жазып жатышты. Алардан 2014-жылы 25-июнда «жадид арабий» сайты «Financial Times» отчетун көчүрүп басып чыкты. Отчетто мындай келген: «Кээ бир инсайдерлер (айрым жашыруун маалыматка ээ адамдар) Тони Блэр ишке ашырган иштери тууралуу «Financial Times»ка билдирүү беришти. Тони Блэр «ихванул муслим» жамааты жана аларга жардам берген Булуң өлкөлөрүндөгү адамдар Мисрдин аскерий жеткекчилиги тарабынан терроризмге байланыштырылып жаткандыгы тууралуу отчет жазууну эксперттер тобуна тапшыргандыгы тууралуу билдиришти». Газета: «Тони Блэр» Мурсини бийликтен кулаткан Мисрдеги аскерий төңкөрүштү колдорун о.э. Мисрдеги төңкөрүштү сыпаттап «бул Миср элинин үмүтүн актай турган амалият болду» дегенин да жазып чыкты. Газета дагы буларга токтолгон: «Британиянын бул позициясы Эмираттын позициясы менен төп келет». Ошондуктан, Эмираттын Сиси менен жакындашып иш тутуусу Британиянын ага сызып берген саясатынын алкагында гана орун алды. Эмират бул сызыктан сыртка чыга албайт.

3 – Эскерте кетчү нерсе, 2016-жылы 12-январдагы суроо-Жоопдо: Бир чоң мамлекетке көз каранды же анын таасири астында жүргөн өлкөлөр ортосундагы күрөш чыныгы күрөш эмес. Анткени, ошол чоң мамлекет өзүнө көз каранды жана өзүнүн таасири астындагы өлкөлөрдүн тышкы саясатын жалпы түрдө сызып берет. Мына ушул сызылган саясаттын негизинде, алардын ортосунда күрөш жүрөт. Ал эми күрөшсүз улана турган карама-каршылыктар болсо таасир астындагы өлкөлөрдө ачык көрүнөт. Муну үч абалга бөлүп кароого болот. Биринчи абал: чоң мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн ролдорду бөлүштүрүү бабында. Экинчи абал: карама-каршылык сырткы

таасирден эмес, ички түркүлөрдөн келип чыгып, өздөрү таасири астында жүргөн чон мамлекеттин сырткы саясатына таасир берүү бабында. Үчүнчү абал: бир малайды экинчи малайга караганда көбүрөөк колдоп-кубаттоо менен «тынч» турган абалга чыңалуу пайда кылуу, колдоп-кубатоонун «максады» ишке ашкандан кийин, абалды кайра тынч абалына келтирүү бабында. Биринчи абал Британияга көз каранды Эмиратка дал келет. Башкача айтканда ролдорду бөлүштүрүү бабына. Эмират дагы, Катар дагы Британия сызып берген ролдорду ойношту.

4 – Корутундулап айтканда: Эмират башка Булуң мамлекеттери сыяктуу эле Британияга көз каранды жана анын сызып берген саясаты менен жүрөт. Бирок Саудия азыркы Салмандын учурунда Американын таасири астына кирген. Эмираттын – Йемен болобу, Ливия, Египетке карата болобу – кылып жаткан баардык саясаты Британия тарабынан ага сызылып берилген. Анын саясатындагы кээ бир карама-каршылыктар, мисалы, илманийлерди колдоп исламийлерге каршы иш тутуусу Британия тарабынан сызылып берилген кең көлөмдүү саясаттын алкагына кирет. Ал Катарга сызылып берилген саясаттан айырмаланып турат. Анткени Эмират Британияга өзгөчө саясатын аткарып берет. Башкача айтканда, Эмират аймакта Америка малайлары аркасында туруу менен Британия үчүн көптөгөн иштерди аткарып койду. Эмират ушул орундан туруп Британияга кызмат кылат. Ошону менен эле бирге, Катар болобу, Эмират болобу, же башка мусулман өлкөлөрү болобу, айырмасы жок, кафир колонизаторлордун кызыкчылыгы үчүн кызмат кылышат. Бул эң чоң күнөө жана кылмыш. Баары тең мындай кылмыштын арты менен дүйнө жана ахиретте жакшылыка жете алышпайт. Аллах Таала айтат:

***«Жакында мындай кылмышкерлерге жасап өткөн айла-амалардары себебдүү Аллах алдынан кордук жана катуу азап жетет»*** [6:124]

**9-апрель, 2017-м.**

## Ядролук коопсуздук саммитинин максаты

Суук согуш мезгилинде, өзөктүк курал чоң күчтөрдүн атаандаштыгы жана эл аралык  коопсузудукту камсыздоо үчүн негизги ролду ойногон. Ядролук куралга ээлиги жагынан мамлекеттердин өз ара теңсиздиги аларды өзөктүк куралга көбүрөөк ээ болууга түрткөн. Америка биринчи болуп ядролук бомба жасаган. Мунун менен, ал Орусиядан бир топ алга озуп алган. Орусия ядролук куралга ээ болгонго чейин коркунуч алдында калган. Андан соң, Америка менен аскерий тең салмактуулукка жетишүүдө Россия ийгилике жетти. Франция, Британия Орусия тараптан кооп-коркунуч туулганын сезишти. Ошондуктан, бул экөө Орусия менен  тең салмактуулукка жетиш үчүн катуу аракет алып барышты. Кытай дагы Орусиядан келе турган кооп-коркунучту сезип, өзөктүк куралга ээ болуу үчүн аракет алып барды жана ага ээ болду. Ушундай эле коркунучту Индия Кытай тараптан сезе баштады жана ал Кытай коркунучуна каршы ядролук куралдар сатып алды. Индиянын аскерий үстөмдүгүнө жол бербеш үчүн Пакистан да ушундай жолго түштү. Ал эми ядролук куралга ээ болуудан кур калган мамлекеттер, ядролук коркунучтан өзүн сактоо үчүн Америка менен, же СССР менен ядролук жактан союздаш болууга аракет кылышты. Ядролук коркунучтан минтип коргоп берүү – ядролук зонт түрүндө болду. Мисалы, Американын Европа жана тынч океан жээгиндеги көптөгөн азия өлкөлөрүн СССРдин өзөктүк арсеналы коркунучунан коргоп берүүсү ядролук зонт түрүндө болду.

1 –  Суук согуштан кийинки мезгил ядролук куралсыздандырууга жол ачты. СССР кулагандан кийин көпчүлүк эл аралык коопсуздук бүтүндөй өзгөргөнүн сезишти. Нагасаки жана Хиросимадан кийин киргизилген ядролук тынчтык андан ары ишке ашпайт эле. Ааламдашуу, айлана-чөйрөнүн өзгөрүшү, мамлекеттик эмес уюм жана организациялардын пайда болушу, СССР кулагандан кийин этникалык чыңалуулардын жүз бериши – ушулардын баары, эгер СССР мезгилинде ээ болунган өзөктүк куралдардар

жок кылынбастан, ниети жаман бирөөлөрдүн колуна тийип калса, өтө чоң кесепетке алып келишине себеб болот дегенди билдирет эле. Мындай абалга каршы Украина , Казахстан сыяктуу «өнүгүп келе жаткан» өлкөлөр өзөктүк куралдарын аймактык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн тез арада жок кылышты.

2 – Жаңы пайда болгон бул коопсуздук чөйрөсү эки негизги түшүнүккө түртү. Ал экөө: ядролук куралсыздандыруу жана аны жайылтпоо. Америка жалгыз өзү дүйнөдөгү эң чоң күчкө ээ болду. Ааламдын ар тарабындагы адамдар Америка өзөктүк куралсыздандыруу жана аны жайылтпоо демилгесин колго алат деп ойлошту. Клинтон жана Буш администирациясы бул жаата аз-маз иш алып барышты. 2007-январда америкалык жооптуулар Генри Кисинжер, Жорж Шульц, Бил Перри, Сэм Нанн (бул төртөө ядролук куралды ооздуктоо демилгесин көтөргөн «төрттүк тайпасы» менен белгилүү болгон) ядролук куралдарды жок кылууну Америка өзү баштап берүүсүн сунушташкан. Бирок ага карабастан, өзөктүк куралсыздандыруу күн тартибине койулган эмес. Ал качан Обама бийлике келгенден кийин башталды. 2009-жылы Обама Прагада мындай деди: «Ааламдагы ядролук куралдарды кыскартуу иштеринде Америка моралдык жактан жоопкер». Дагы айтты: «Миңдеген өзөктүк куралдардын болушу суук согуштан да коркунучтуурак, бүгүн суук согуш жок, бирок миңдеген өзөктүк куралдар бар». (БИ-БИ-СИ сайты 2009 04 05). Мындан кийин төрт жолу ядролук саммит болуп өттү:

- 1-ядролук саммит 2010-жылы Вашингтондо
- 2-ядролук саммит 2012-жылы Сеулда
- 3-ядролук саммит 2014жылы Гаагада
- 4-ядролук саммит 2016жылы Вашингтондо өттү

3 – Америка «өзөктүк куралсыздандыруу» деген аталыштагы саясатында иш жүзүндө бардык мамлекеттерди күралсыздандырууну көздөгөн жок. Балким, ал башка мамлекеттерди куралсыздандырып, өзү

жападан-жалгыз өзөктүк куралга ээ болуп калууну көздөөдө. Эң кур дегенде, мүмкүн болушунча өзөктүк куралга ээ мамлекеттердин куралдарын белгилүү бир өлчөмдө кыскартып калууну максат кылууда. Бул өлчөм канча болушун АКШ чечет. Анткени, анын өзөктүк кору баарыныкынан көп. Ал башка мамлекеттердин өзөктүк корун кыскартууга жетишүү менен өзүнүн өзөктүк корун сактап калат. Ошондуктан, төрт жолку саммиттин тыянак токтомдорунан ааламдагы өзөктүк куралдарды жок кылууга далалат кылган бир да токтом кездешпейт. Эгер 4-саммиттин тыянак токтомун алып карай турган болсок, анда өзөктүк куралсыздандырууну милдеттендире турган эч нерсе жок. Токтомдо мындай келет:

«Вашингтондогу ядролук коопсуздук боюнча саммитке катышкан мамлекеттер өзөктүк куралсыздандыруу жана аны жайылтпоо, ошондой эле аны тынчтык жолдо гана колдонуу зарылчылыгын баса белгилешти»... «Ядролук жана радиоактивдүү заттар терроризми эл аралык коопсуздукка коркунуч салган бирден-бир коркунуч экендигин жана ал күн санап өсүп жатканынан эскертти». Вашингтондо уюштурулган ядролук саммиттин катышчуулары «ядролук жана радиоактивдүү заттар өкмөтүк эмес күчтөрдүн колуна тийип калып, алар аны жаман максаттары үчүн колдонуу коркунучунан коргой турган иш аракеттерди дагы да күчөтүү зарыл экендигин айтышты»... Жетекчилер муну дагы кошумчалашты: «Биз өзөктүк куралсыздандыруу жана аны жайылтпоо о.э. аны тынчтык жаатында гана колдонуу зарылчылдыгын баса белгилейбиз»... Дагы буларды айтышты: «Биз өзөктүк терроризмге чек коюу менен эл аралык өзөктүк коопсуздукту камсыздоо милдетемесин алышыбыз зарыл»... Кечээ террористердин колуна өзөктүк куралдар тийип калышынын алдын алуу боюнча Вашиншгтондо болуп өткөн төртүнчү жогорку деңгээлдеги ядролук коопсуздук боюнча саммитке 50дөн ашык мамлекет жана организациялардын башчылары катышты. («SPA-Washington» 2016 04 02).

Бул баяндаманы карап чыккан адам анда ядролук куралсыздандырууну милдеттендире турган эч кандай токтом жок экендигин көрөт. Жада калса, ядролук куралга ээ болбогон аймакта ядролук куралга ээ болгон Израиль тууралуу бир да сөз козголбогон. Бирок ошол эле учурда, алар ядролук коопсуздукту камсыз кылуу ядролук куралды толук жок кылган аймакты пайда кылуу менен гана болот деп айтышууда! Мына ушундайча, бул саммит чыныгы ядролук куралсыздандырууну көздөгөн жок. Балким, анда ядролук лидерлик аркылуу Американын эл аралык иштерге өкүмдар болуу максаты камтылган. Бул тууралуу Обама «Америка ядролук куралдарды тартипке салууга кызыкдар» деп билдирди. Америка президенти Барак Обама: «Ааламдын ар тарабында өзөктүк жана радиоактивдүү заттарды коопсуздандыруу иштери көп болгон бойдон калууда. Ааламда плутоний өндүрүү күндөн-күнгө өсүүдө. Ядролук арсеналдар айрым өлкөлөрдө кулач жайууда. Чакан көлөмдөгү өзөктүк курал уурдалып кетүү мумкүнчүлүгү да бар». Обама буга кошумча «Америка коопсуздукту жана ачык-айкындуулукту камсыз кылуу үчүн, башка мамлекеттердеги ядролук заттарды коргоп берүү ролун ойнорун» да билдирди. ( 2016 04 02 «Евро ньюс»). Америка президенти Обама саммит акырында журналисттерге берген маегинде мындай деди: «Ааламдын ар тарабындагы плунтонийдин запасын өнүктүрүү менен биргеликте, аны коопсуздандыруу иш чаралары али да көп». О.э. Обама Орусия менен түндүк Кореянын өзөктүк арсеналдарын кыскартууну талап кылган иштер дагы да көп экендигине токтолду. Андан сырткары, дагы мындай деди: «Азыркы тапта түштүк Американын өзөктүк куралы жок , 14 өлкө, анын ичинен Тайвань, Ливия, Вьетнам байытылган уран жана плутонийди жок кылышты». («Аль-Жазиира нет» 2016 04 02)

Мына ушундайча, Америка бул саммиттер аркылуу өзөктүк куралды тартиптештирип, ага өзү гана өкүмдар болууну көздөдү. Жада калса, өзү жетектеп өткөргөн конферецияга өзү каалаганын чакырып, каалабаганын

келтирбей койду. Каалаганын келекелеп, өзүн дүйнө кожоюну катары көргөзгүсү келди. Мунун себеби, ага бетме-бет келе турган мамлекетин жоктугу!!!

Америка Халифалык мамлекетинин таңы атмайын ушундай абалда кала берет. Башка мамлкеттер анын таасири астында калат. Качан Халифат таңы атса гана, Ислам кубаты аларды өздөрү билбеген тараптан оодарып таштайт. Мына ошондо кылмышкерлер эч бир жакшылыкка жетпей, арттарына кайтарылышат. ***«Жакында мындай кылмышкерлерге кылып өткөн айла-амалдары себептүү Аллах алдында кордук жана катуу азап жетет»*** [6:124]

**2-ражаб, 1437-х.**

**9-апрель, 2016-м.**

## Япония-Канада-Түркиянын абалы

**Суроо:** *Саясий түшүнүктөр китебинин хижрий 1425-жыл, миладий 2005-жылдагы басылмасынын 20-бетинде эл аралык абал темасында мындай делген: «...Кимдиндир таасири астындагы мамлекеттин тышкы саясатын башка бир мамлекет менен көз карандылык эмес, пайда байлап турат. Мисалы, Япониянын Америкага, Австралиянын Америка жана Британияга, Канаданын Америка, Британия жана Францияга, азыркы Түркиянын Британия жана Америкага байланыштуулугу сыяктуу».*

*Суроо мындай, ири мамлекеттин таасири астындагы мамлекет өзүнүн тышкы саясатында ошол ири мамлекеттин саясаты алкагынан чыгышы мүмкүнбү? Мисалы, Түркия бирер маселеде, мисалы Сирия маселесинде Америка тышкы саясатынын алкагынан чыгышы мүмкүнбү?*

**Жооп:** Мындай мамлекет тышкы саясаттын бирер жузъий (чоң мааниге ээ эмес) маселесинде ири мамлекеттин саясаты алкагынан чыгышы мүмкүн. Анткени, ал көз карандылык жүзөсүнөн эмес, кызыкчылык жүзөсүнөн байланыштуу. Демек, ал өзүнүн кызыкчылыктарын издейт. Бирок, ири мамлекеттердин бул мамлекетке өткөрө турган таасир жана басым

факторлорун эсепке алуу да зарыл. Ири мамлекеттер аны мына ушул жузъий маселелерде алкактан чыгып кетишине тыюу салат. Бул тыюу салуунун күчтүүлүгү же күчсүздүгү ири мамлекеттин таасири астындагы мамлекеттеги аким табаканын бийликке келишинде канчалык таасир өткөрө алганына байланыштуу. Эгер, ири мамлекеттин таасири күчтүү болсо, таасир астындагы мамлекеттин ар кандай жузъий маселеде чыгып кетиши өтө кыйын болот. Ошондуктан, ири мамлекеттин таасири канчалык азайса, таасир астындагы мамлекет жузъий же көбүрөөк маселеде ири мамлекеттин тышкы саясаты алкагынан чыгып кетүүгө ошончолук кудуреттүү болот. Муну төмөндөгү айрым мисалдар менен анызыраак түшүндүрөбүз, кийин аларды Түркия маселеси менен аяктайбыз:

**1 – Япония:**

Япониядагы башкаруу түзүмү жана ички абал туруктуу, мамлекет мекемелери да туруктуу. Ошондуктан, Япония тышкы саясаттын бирер жузъий маселесинде алкактан чыгып кетиши жана Америка алкагында – саясатчылар өздөрүнүн тагдырларынан кабатыр болушпай – айлана бериши да мүмкүн. Бирок, Америка Японияга экинчи дүйнөлүк согуштун акырында мажбурлап киргизген чектөөлөр, мисалы Японияны стратегиялык куралдарды, айрыкча ядролук куралдарды өнүктүрүүдөн тыюу салуу сыяктуу чаралар о.э. мажбурдуу түрдө тыгыштырган коопсуздук келишимдери жана Американын япон экономикасына өткөргөн басымдары, булардын баары Япония саясатында, аким табакада жана саясий партияларда, айрыкча Либерал Демократиялык партияда Америка таасирин пайда кылды. Либерал Демократиялык партия Японияны – социалисттик партиянын бир нече айдан ашпаган аз гана башкаруу доорун эсепке албаганда – 1955-жылдан тартып үзгүлтүксүз 54 жыл башкарып келди, бул партия 2009-жылдагы шайлоолордо жеңилгенге чейин бийликте турду. Мына ушундан кийин Либерал Демократиялык партия 2012-жылы 15-декабрдагы жалпы

парламенттик шайлоолордо жеңишке жетип, өткөн жылдын акырында коалиция түзгөн партиялар менен бирге бийликке кайтты. Булардын баары Америка кызыкчылыктары менен Япония кызыкчылыктары ортосундагы кагылышууну о.э. япон саясатында Американын күчтүү таасирин пайда кылды. Ал тургай, бийликте турган кимсе Америка каалоосуна каршы аракет кылуудан же бирер жузъий маселеде Америка алкагынан чыгуудан коркуп калды. Анткени, ал Америка оппозициячыл партияларды ага каршы козгошунан же ага каршы япон экономикасына таасир кыла турган экономикалык проблемаларды келтирип чыгарышынан, натыйжада өкмөтү күчсүздөнүшүнөн же кулашынан коркуп калды. Ошондуктан, Япония тышкы саясаттын жалпы маселелеринде Америка алкагында айлануудан чыкпады. Бирок, ал Америка тышкы саясатынын көп эле таасир кылбаган айрым маселелеринде күчтүү аракет кылуудан өзүн алыста кармап келди… Мисалы, Япония 1991-жылдагы Иракка каршы согушка катышууну четке какты жана 2003-жылы Ирак басып алынганда шарттуу катышуу менен гана чектелди. Анткени, Япония массалык кыргын куралдары деген нерсени издеп текшириүүдө Америка күчтөрүн колдоо үчүн миң аскер жөнөтүү менен гана чектелди. Бирок, Япония согуш чыгашаларын көтөрүү үчүн Америкага 13 миллиард доллар көлөмүндө жардам берди. Т.а. Япония айрым жузъий маселелерде  алкактан чыкты, бирок, көрүп турганыңардай бул жузъий маселелердин чоң таасири болбоду…

**2 – Канада:**

Канада акимдери өз мамлекетинин кызыкчылыктары жөнүндө ойлошот, ошондуктан ушул кызыкчылыктардын жүзөгө чыгышына карап ал же бул мамлекет менен бирге аракет кылышат же өздөрү үчүн пайдалуу экенин көрүшпөсө бул мамлекет менен бирге болуудан алыс турушат. Бирок, бул жерде алкагында Канада айланып жаткан үч мамлекет: Америка, Британия жана Франциянын бир нече факторлорго ылайык Канаданын тышкы саясатына таасири бар. Бул факторлор Япониядагыдан айырмаланат, анткени

бул факторлор аскерий чектөөлөр же коопсуздук боюнча түзүлгөн келишимдер эмес… Тескерисинче, алар башка факторлор. Анткени, Канада Британия Шериктештиги боюнча Британияга байланып калган. Анткени, анын калкынын жарымынын теги британиялык. Канада франкфония (француз тилинде сүйлөшүүчү мамлекеттер) боюнча Францияга да байланып калган. Анткени, калкынын 16%га жакыны француз. Канада Америка менен дүйнөдөгү корголбогон эң узун чегара бойлоп чектешет. Ошондуктан, Канада менен Америка экөөсү бир-бирине киришип кеткендей көрүнөт. Экөөсү эң ири соода шериктер катары бир-бири менен эркин соода алып барат. Канада жана Америка 1988-жылдан бери эркин соода келишими боюнча кызматташтык кылып келишүүдө. 1992-жылы бул кызматташтык келишимине Мексиканы да кошушту. Канада 1990-жылы Кошмо Штаттардын таасири астында кол коюлган Америка Мамлекеттеринин Уюмуна кошулду.

Бул факторлор Япония мисалындагы чектөөлөр жана келишимдерден көрө таасири аз болгону үчүн, демек Канада Япониядан көрө жузъий маселелерде мына ушул мамлекеттин тышкы саясаты алкагынан чыгууга кудуреттүүрөөк. Ошондуктан, Канада Куба менен расмий алакаларды сактап келүүдө, Кубага каршы киргизилген блокада жана бойкотто Америка менен бирге болбоду. Канада 2003-жылы Иракка каршы уюштурулган согушта Америка жана Британия тарабында туруууну да четке какты. Канаданын бул жааттагы позициясы Франция позициясына жакыныраак болду… Бирок, Канада эл аралык саясаттагы чоң таасирдүү маселелерде Америка алкагынан чыкпайт. Ошондуктан, ал Афганистан согушунда Америка жана НАТО мамлекеттери тарабында турганын көрдүк. Анткени Канада НАТОдо негиздөөчү мүчө болуп эсептелет. Канада 1950-1953-жылдардагы Корея согушунда Американын негизги шериги болгон. Биринчи жана экинчи дүйнөлүк согуштарда Британия тарабында турду… Т.а. Канада жогоруда айтылган факторлор себептүү ушул үч мамлекеттин кызыкчылыктары

алкагында айланат. Бирок, бул мамлекеттердин таасири Канаданы жузъий маселелерде ушул үч мамлекеттин тышкы саясаты алкагынан чыгышын тыя турган даражада күчтүү эмес, бирок, айтып өткөнүбүздөй Канада маанилүү эл аралык маселелерде бул алкактан чыкпайт…

**3 – Түркия:**

Американын Түркиядагы аким табаканы бийликке алып келүүдөгү таасири күчтүү. Ошондуктан, Эрдоган Американын жардамысыз бийликке келе албашын жана ичкериде өз таасирин бекемдей албашын жакшы билет. Демек, Эрдоган өзүнүн тагдыры Түркияда чоң таасирге ээ болуп алган Америкага байланыштуу деп билет. Жада калса, Америка башкарууга, акимдерге, сотко, экономика, армия жана коопсуздук аппаратына өз өкүмүн өткөрө ала турган болуп калды. Натыйжада, Түркия экономикасы Америка жардамына муктаж болууда. Америка муну Түркияга карыздарды жана экономикалык жеңилдиктерди берүү аркылуу ишке ашырууда. Мына ушул жеңилдиктердин бири Эл аралык Валюта Фондунун Эрдоган өкмөтүнө басым өткөрбөшү. Валюта Фонду Эрдогандан мурунку Эжевит өкмөтүнө басым өткөрүп аны кулаткан… Чет элдик банктар клубдарындагы кредиторлордун Түркия үстүндө үйүлүп кеткен карыздарды талап кылбашы жана Американын «Standard & Poors», «Moody’s» жана «Fitch» эл аралык рейтинг мекемелеринин түрк экономикасына терс пунктуларды бербеши да мына ушул жеңилдиктерге кирет. Тескерисинче, бул мекемелер түрк экономикасына оң пунктуларды берди… О.э. Түркия алдында чет элдик инвестицияларга ээ болуу жолу да жеңилдетилди, чет элдик компаниялардын Түркияга инвестиция алып кириши да кызыктырылды. Кала берсе, Америка Эрдоган армиядагы англис малайларына күчтүү сокку берип утуштарга жетишүүсү жана армия башкы штабы командачылыгына аны колдоп-кубаттай турган жана Америкага байланган адамдарды алып келиши артында турду. Эрдогандын сот үстүнөн көзөмөл орнотуп утуштарга жетишүүсү артында да Америка турду. Булардын баары Америка жардамы менен болду.

Америка коопсуздук жана күрддөр маселесинде да Эрдоганга жардам берди. Анткени, Күрдстан Жумушчулар Партиясы тынчтык планын кабыл алышы жана козголоң аракеттеринин токтошу да Америкага байланыштуу. Анткени, Ужалан Америка малайларынын бири, Тынчтык жана Демократия партиясы болсо Ужалан сызган сызыктан чыкпайт. Демек, Американын партиялар, уюмдар жана мекемелердеги малайлары жана достору жардамында ичкериде туруктуулук орнотулду.

Ошондуктан, Американын Түркиядагы башкарууга таасири күчтүү. Ушундан келип чыгып, Түркия ар кандай жузъий маселеде Америка тышкы саясаты алкагынан чыгышы өтө кыйын деп айтууга болот. Эрдогандын Америка тышкы саясатына кандай жабышып калганы жөнүндө аныгыраак түшүнүккө ээ болуу үчүн айрым окуяларды карап чыгабыз:

а) Эрдоган Сирия козголоңунан мурун Америка малайы Башар режими менен алаканы бекемдеди, бул алака жеке өздүк жана үй-бүлөлүк достук даражасына чейин жетти, жада калса, ал Башарды боордошум жана досум дей турган болду. Акыйкатта болсо, Башар Ливанда жана Сириянын өзүндө да 2008-жылдагы Сайданая камагы кыргыны сыяктуу кылмыш иштерин жасаган. Ошого карабастан, Эрдоган бул кыргынга кыргын катары карабады, Башарды боордошум жана досум деди! Башар өзүнүн коопсуздук мекемеси жана разведкасы менен биргеликте адамдарды кордоону улантты. Эрдоган муну көрүп, угуп туруп, Башар менен болгон алакасын бекемдөөнү токтоткон жок. Анткени, Америка бул алаканын туруктуулугун каалаган эле…

б) Козголоң башталганда да Эрдоган Башарды колдоп-кубаттоону улантты о.э. америкалыктардын иш-аракеттери жана билдирүүлөрү боюнча аракет кылды жана билдирүүлөрдү берди. Эрдоган жакында аскерий аралашууну талап кылып Вашингтонго 2013-жылы 16-майда жасаган акыркы сапарында бул аралашууга чакыруудан тыйылып калганын байкадык. Ал эми, Америка оппозиция менен Башар режими ортосунда диалог өткөрүү

үчүн Женева-2 конференциясына жана эки тараптан камтыла турган өткөөл өкмөттү түзүүгө чакырганда Эрдоган өкмөтү муну колдоп-кубаттап, жар салды.

в) Франция Ливияга козголоңчулар тарабында туруп аралашууга чакырганда Эрдоган муну четке кагып Францияга чабуул кылды. Бирок, Америка Ливияга аралашууга чечим кылганда Эрдоган Американы колдоп-кубаттады.

г) Эрдоган май айынын акырында Газага бармакчы болгондо Америка андан бул сапарды кечиктирүүнү талап кылды. Бул талапты Америка мамлекеттик катчысы Керри 2013-жылы 22-апрелде Түркияга жасаган сапарында билдирди. Бул талап Түркия премьер-министринин орун басары Бюлент Аринжди: «Керри мырзанын премьер-министрден Газага барууну кечиктирүүнү талап кылган сөздөрү дипломатиялык жана саясий көз караштан алып каралганда ката жана туура эмес болот», - деп айтууга мажбур кылды. (Рейтер, 23-апрель, 2013-жыл). Аринж мындай деди: «Түрк өкмөтү гана премьер-министрдин же ар кандай түрк жооптуусунун качан жана кайда сапар кылышын белгилөө укугуна ээ». Бирок, анын бул сөзү чындыкка туура келбеди. Анткени, премьер-министр Газага чечим кылынган сапарын «унутту» жана ал жөнүндө сүйлөбөй турган болду. Тескерисинче, жооптуулар премьер-министр Газага 5-июлда барышы мүмкүндүгүн айтышканда түрк өкмөтүндөгү булактар Америка буйруктарына баш ийип бул сапардын болушун шашыла четке какты.

Бул жана башка мисалдар Түркия тышкы саясаттын бирер жузъий маселесинде өзү жүргөн алкактан чыга албашын даана көрсөтүп турат. Белгилүү болгондой, Эрдоган Газага баруудан калк арасындагы өзүнүн рейтингин бекемдөөнү максат кылган эле. Анткени, анын рейтингине Сирия калкын жардамсыз таштап койгондуктан зыян жеткен. Негизи, ал сириялыктарга жардам берүүнү убада кылып: «Биз экинчи Хамага таптакыр жол бербейбиз…», - деген. Ушундан кийин эле кылмышкер Башар режими

ар бир шаар жана айылда экинчи, үчүнчү Хама кыргынын ишке ашырды… Эрдоган жана анын өкмөтү болсо жөн гана тамаша кылып тура берди. Бул да жетишпегендей Сирия режими бир түрк самолётун атып түшүрдү жана Түркиядагы сириялыктардын чатырларына жана түрк айылдарына карата ок атып, түрктөрдү өлтүрдү. Бирок, Эрдоган унчукпай тура берди. Акыйкатта болсо, бул нерселер аралашуу үчүн жетиштүү себеп эле. Эгер, аралашууга Эрдогандын акысы бар болчу. Бирок, Америка аны мындан тыйды.

Ушуну да айтып өтүү керек, Америка армиядагы англистердин күчтөрүнө күчтүү сокку бергенден кийин Түркия Британия алкагында айланбай калды. Анткени, англистердин малайлары башкы штаб жетекчилигинен четтетилди жана жогору мансаптагылары камакка алынды. Алар дале камакта жатышат. Армияда тазалоолор уланууда. Келерки айда дагы да көбүрөөк тазалоолор болушу күтүлүп жатат. Анткени, ар жылы аскерий мансаптарга көтөрүүлөр кайра каралып чыгууда, же токтотуп коюлууда, же офицерлер отставкага чыгарылууда. Буга башкы штаб башчысы армия командачылыгы менен биргеликте жетекчилик кылууда жана премьер-министрдин макулдугу менен ишке ашырылып жатат. Т.а. Түркия азыр Америка алкагында айланууда жана Американын Түркия иштерине болгон таасири күчтүү. Эгер, бул абал ушундай боюнча кала берсе, Түркия Америкага күчтүү байланып тура берсе, анда Түркия Америкага толук көз каранды болууга карай жакындаша берет жана акыры келип анын алкакта айлануучу мамлекет экендиги туурасында суроо пайда болот!

**21-рамазан, 1434-х.**

**30-июль, 2013-м.**

## Японианын жаңы коргоо стратегиясы

**Суроо:** *Япония жаңы коргоо стратегиясын кабыл кылды. Бир нече күн мурун жарыяланган бул жаңы стратегия коргоо бюджетин сезилээрлик даражада көбөйтүүнү өз ичине алат. Бул Японианын Экинчи дүйнөлүк согуштан мурунку аскерий кубатын кайра тикелешин түшүндүрөбү? Бул*

*жаңы стратегиядан эмне максаттар көздөлгөн? Бул стратегия Япониянын өз алдынча чечимиби же тышкы таасир астында, өзгөчө АКШнын таасири астында кабыл алынган чечимби?*

**Жооп:** Ооба, Япония өкмөтү жаңы коргоо стратегиясын жана мыйзамчылыктагы өзгөрүүлөрдү кабыл алды. 2022-жылы 16-декабрда Япония премьер-министри Фумио Кисида өкмөтү үч коргоо документин астыктады: 1) «Япониянын улуттук коопсуздук стратегиясы», 2) «Улуттук коргоо стратегиясы», 3) «Узак мөөнөттүү коргоо программасы». Т.а. Япония Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки баракты жаап, жаңы барак ачты жана жетимиш жыл ичинде башынан өткөргөн жеңилүү психологиясынан арылып, аскерий кубатын кайра тикелөө үчүн аракетке киришти. Чыныгы максаттарды түшүнүү үчүн ушуларды карап чыгабыз:

**Биринчи:** бул стратегиянын пункттары:

Япония бул стратегиянын алкагында Японияны аскерий күчтөн куру калтырган жана өлкөдөн тышкарыда ар кандай аскерий иш-аракеттерге тыюу салган конституциядагы эрежелерди бекер кыларын жарыялады. Бул эрежелер Америка Японияны басып алган убакта иштелип чыгып, 1947-жылдан бери иш жүзүндө аткарылып келген… Япониянын жаңы стратегиясы чабуулга учуроо ыктымалы жаралганда алдын ала жасала турган согушту жокко чыгарып, Япониянын шарттуу «каршы» чабуулун гана камтып жаткан болсо да, бирок, Япония биринчи ирет чет элдеги аскерий аракеттер тууралуу тыюуну жоопкерчилигинен алып салды… Бул стратегия Япониянын аскерий чыгашасын эки эсе көбөйтүүнү т.а. мурунку эң жогору эсептелген ички дүң продукциянын 1 пайызынан 2027-жылга барып 2 пайызга чейин (НАТО мамлекеттеринин чыгашаларына барабар) көбөйтүүнү талап кылат. Бул өкмөттүн жылдык каражаттарынын 10 пайызына тең. («Ал-Жазира», 2022-жыл, 16-декабрь). Муну менен Япония аскерий чыгаша боюнча дүйнөдө Америка менен Кытайдан кийинки үчүнчү орунду ээлейт.

О.э. бул стратегия Экинчи дүйнөлүк согуш бүткөндөн бери болгон «эң кыйын жана татаал коопсуздук абалынан» «эң жаман сценарийге» даярдык көрүү жана тышкы коркунучтарга каршы туруну о.э. Япония алыскы аралыктан чабуулга жооп берүү үчүн өтө көп (500) Америкада иштелип чыккан континенттер аралык «Томагавк» жана «SM-6» ракеталарын сатып алууну талап кылат.

Япония Конституциясынын 9-беренесинде мындай делген: «Эреже жана адилетке негизделген эл аралык тынчтыкты чын жүрөктөн каалаган Япония калкы элдин суверендүү укугу катары согушуудан жана эл аралык жаңжалдар жүзөгө келгенде коркутуу жана күч колдонуудан баш тартат. Ушуга ылайык, эч бир кургактык, деңиз жана аба күчтөрү же башка аскерий күчтөр корголбойт. Мамлекетке согушуу укугу берилбейт». Бул берене конституциядан алынды. Япония жаңы согуш саясатына келди. Бул жаңы саясат аскерий чыгашаларды, аскерий өнөр жайлаштырууну жана Япониянын Экинчи дүйнөлүк согуштан мурунку үлкөн аскерий кубатын айгинелеген чыныгы армияны жаратууну камтыган кеңири көлөмдүү ички өзгөрүүлөрдү өз ичине алат.

Япониянын кошуналары жана башка эл аралык күчтөр менен ынтымакта жашоо саясатына чекит коюлду. Жаңы өзгөртүүлөр Япония кошууну душман деп билген мамлекеттерге каршы «анти чабуул» уюштуруу укугун өз ичине алат. Жаңы стратегия андай аталбаган болсо да, «карамүтөздүк үчтүгүнө» каршы күрөшкө окшогон нерсени өз ичине алат. Бул «карамүртөздүк үчтүгүнүн» биринчиси – Кытай. Кытай «Япония туш болгон эң чоң стратегиялык проблема» катары баяндалган. Экинчи орунда Түндүк Корея турат. Түндүк Корея «мурункудан да олуттуу жана жакынраак кооп-коркунуч» катары каралган. Үчүнчүсү – Россия. «Россия Украинада болгондой өзүнүн коопсуздук максаттарына жетүү үчүн күч колдонууга баргандыктан чоң сындарга учурап жатат. Анын Азия-Тынчтык океаны регионундагы аскерий аракеттери жана Кытай менен стратегиялык

шериктештиги «коопсуздук боюнча негизги проблеманы» түзөт». («France 24», 2022-жыл, 16-декабрь).

**Экинчи:** бул стратегия жөнүндөгү эл аралык позицияларга назар салсак, ушулар белгилүү болот:

Кытай бул стратегияга кескин каршы чыкты жана расмий түрдө нааразылык билдирди. «Япониянын бул жаңы стратегиясы расмий түрдө жарыяланбай жатып Пекинде нааразылыкты келтирип чыгарды. Пекин XX кылымдын биринчи жарымында Кытай анын курмандарынын бири болгон ырайымсыз япон милитаризми жөнүндө тынымсыз айтып келет. Кытай тышкы иштер министрлигинин маалымат катчысы Ван Вэньбин жума күнкү билдирүүсүндө мындай деди: «Япония тарап фактыларды этибарсыз калтырууда. О.э. Кытай-Япония мамилелери жана эки мамлекет ортосундагы ортоктош түшүнүктөргө берилгендигинен чыгууда жана Кытайды негизсиз түрдө аброюна төгүүдө. Биз муну каралайбыз жана дипломатиялык нааразылык билдиребиз». («France 24», 2022-жыл, 16-декабрь).

Түндүк Корея да Япония планын кескин каралады. «Түндүк Корея тышкы иштер министрлигинин катчысы мындай деди: «Япония олуттуу коопсуздук кризисин жаратып жатат… Ал иш жүзүндө расмийлештирген жаңы коопсуздук стратегиясын кабыл алуу аркылуу башка мамлекеттерге каршы профилактикалык соккуларды берүүгө жол ачууда»; «Япония жаңы агрессия багытын расмийлештириши Чыгыш Азиядагы коопсуздук абалын түп-тамырынан өзгөрттү». Ал Японияны өтө кооптуу жана жаман тандоо жасаганын тез арада түшүнүп жетери жөнүндө эскертти». («Sky News Arabia», 2022-жыл, 20-декабрь).

Америкага келсек, «Вашингтон Япониянын бул жаңы стратегиясын алкыштады. Ак үйдүн улуттук коопсуздук боюнча кеңешчиси Жейк Салливан: «Коргоо бюджетинин көбөйүшү АКШ-Япония союзун бекемдейт жана модернизациялайт», – деди». («France 24», 2022-жыл, 16-декабрь). АКШнын Коргоо министри Ллойд Остин да Япониянын жаңыланган

стратегия документтерин алкыштады. Остиндин айтымында, «жаңыланган документтер эки союздаштын коопсуздук стратегияларындагы көз караштары жана туруктуулугу шайкеш экенин чагылдырат». («Шаркул Авсат», 2022-жыл, 17-декабрь). «Президент Жо Байден бул маанилүү мүнөттө АКШ Япония менен бирге экенин айтты. Ал: «Биздин союзубуз – эркин жана ачык-айкын Индия-Тынчтык океанынын пайдубалы», – деди. Ак үй билдиргендей, Япониянын жаңы коргоо планы АКШ менен аскерий союзду бекемдөөгө багытталган». («Ал-Жазира», 2022-жыл, 16-декабрь).

**Үчүнчү:** бул Япония коргоо стратегиясынын жаңы планы. Аны карап чыксак, ушуларды көрүүгө болот:

Япония 2022-жылы 16-декабрда жарыяланган жаңы коргоо стратегиясын кабыл алышы таң калычтуу эмес, ал тургай, бул анын жетимиш жылдан ашуун созулган күчсүздүгүн жойгон маанилүү окуя болсо да. Япония коргоо министрлиги 2022-жылы 22-июлда эл аралык чакырыктарга жооп берүү үчүн аткаруу зарыл болгон коргоо саясатын камтыган «Ак китепти» жарыялаган. Япония Кытайдын өнүгүп жаткан аскерий кубаты жана Тайванга чабуул кылуу коркунучу, Кытайдын Россия менен аскерий кызматташуу коркунучу о.э. Кытай, Россия жана Түндүк Кореянын Азияда согуш чыгаруу коркунучу сыяктуу коркунучтарга туш келгенде «Ак Китеп» документи бул абалга чекит койду. Япония коргоо министрлигинин бул документи кооп-коркунучтарга каршы туруу үчүн аскерий бюджетти көбөйтүү, аскерий технологияларга инвестиция жаткыруу жана космостук күчтөрдү да өз ичине алган көп кырдуу аскерий күчтөрдү түзүү маанилүү экенин баса белгилейт. Бул болсо, Япониянын умтулуулары жогору экенин, Экинчи дүйнөлүк согуштагы жеңилүүнүн чаңын силкип, Тынчтык океаны регионундагы атаандаштыкка, Түштүк Кытай деңизиндеги Кытай менен Япониянын ортосундагы талаштуу аралдарга жетиши керектигин далилдейт.

Япониянын мурунку премьер-министри Синдзо Абэ Кытайдын күчөп бара жаткан таасирине каршы күрөшүү үчүн Индия-Тынчтык океанына

багытталган Япония-АКШ биргелешкен стратегиясын иштеп чыгуу демилгесинин негизги түптөөчүлөрүнүн бири болгон. АКШ тарабынан кабыл алынган бул демилге соода жана инвестициялык маселелер боюнча АКШ-Япония жана башка союздаштар менен кызматташууну, навигация коопсуздугу үчүн Тынчтык жана Индия океандарында биргелешкен кызматташууну өнүктүрүүнү жана бул демилгеде Австралия жана Индияны шерик кылууну өз ичине алат. («Арабийя», 2022-жыл, 8-ноябрь).

Демек, Япониянын бул жаңы стратегиясынан жана мурунку стратегияларынан белгилүү болгондой, Япония бүгүндөн тартып аскерий күчкө ээ болуп, тарых изин өчүрүүдө жана Азиядагы согушка даярданып жатат. Япония ар дайым ири мамлекет болуп келген жана Азияда өзгөчө мааниге ээ. Ал Экинчи дүйнөлүк согуштун биринчи жылдарында региондогу өкүмдар мамлекет болгон. Германия жеңилгенге чейин Европаны жеңген болсо, Япония да жеңилгенге чейин Кытайды, Кореяны, океандагы аралдарды жана Азиядагы башка мамлекеттерди моюн сундурган. Япония – ушул күнгө чейин ядролук чабуулга учураган жалгыз мамлекет. 1945-жылы август айында Америка самолёттору Хиросима жана Нагасакиге эки атом бомбасын таштап, бир эле учурда эки жүз миңден ашуун адамды өлтүрдү. Япония ядролук чабуулга учурагандан бир апта өтүп, 1945-жылы 15-августта жеңилгенин жарыялаган жана Америка жетектеген союздаш күчтөр Японияга бастырып кирип, өз өкүмдарлыгын орноткон.

Япониянын империялык тарыхынан алып караганда Япониянын аскерий кубатын кайра тикелеши япондордун улуулук туйгуларына таасир кылууда жана япон калкы чоң ыраазылык менен кабыл алышууда. Бирок, Япониянын узак мөөнөт демилитаризацияланышы жана союздаш күчтөр 1952-жылы Япониядан чыгып кеткенден кийин бул мамлекетте АКШнын ири аскерий базаларынын турушу Япониянын өзүнүн аскерий кубатын кайра тикелөөгө умтулушуна жол бербеди.

Өз армиясы, аскерий союздаштары жана регионалдык кооп-коркунучтар боюнча жаңы саясатты кабыл алган Японияны Америка дароо колдошу шексиз, Японияны аскерийлештирүү Кытайдын кооп-коркунучтарына каршы күрөштөгү АКШ стратегиясынын негизи экенин далилдейт. Америка өз кошуунун Кытайдын айланасына жайгаштырууда, Тайвандын тегерегинде чыр-чатак жана провокация жаратып, Кытай меннен согушка даярданууда. Эгер, «Кытай Тайванга чабуул кылса, Америка күчтөрү аралды коргойбу?» деген суроого АКШ президенти Байден «Ооба» деп жооп берген.

Ушул сыяктуу АКШнын мурунку президент Трамптын администрациясы да Түндүк Кореяны провокация кылуу менен бирге Японияны аскерий кубатын кайра тикелөөгө үндөгөнү байкалган. АКШ президенти Трамп 2017-жылы Японияга сапар жасар алдында япондор «согушкер калк» экенин баса белгилеген. «… Трамп жума күнү президент катары Азияга биринчи узак мөөнөттүү жана маанилүү сапарын баштардан мурун билдирүү берди. Ал өзгөчө Япония жана Түштүк Кореяны өз ичине алган Азия сапарында негизги этибарды Түндүк Кореянын ядролук программасына каратты… Трамп «Fox News» телеканалындагы көрсөтүүдө: «Япония согушкер мамлекет. Кытайга жана мени угуп жаткан баарына айтар сөзүм: эгер силер Түндүк Кореяга муну улантууга уруксат берсеңер, Япония менен чоң проблемага туш болосуңар…», – деди». («Марсад Ньюз», 2017-жыл, 3-ноябрь). Т.а. Трамп Япониянын атынан сүйлөп жаткандай, Япониянын Түндүк Кореяга аскерий аралашуусу мүмкүн экендиги менен Кытайды коркутту! Чыгыш Азиядагы жаңы шарттардан келип чыгып, Япония аскерий кубатын кайра тикелеши Япония үчүн зарыл болсо да, бул толук Американын планы. Себеби, Япония Американын Кытайга каршы көз карашындагы борбордук мамлекетке айланды.

**Төртүнчү:** эми суроонун акыркы бөлүгүнө т.а. «бул стратегия Япониянын өз алдынча чечимиби же тышкы таасир, өзгөчө, АКШнын

таасири астында кабыл алынган чечимби?» деген суроого бир аз айкындык киргизүүгө болот. Жогоруда айтылгандар жөнүндө ой жүгүртүп көрсөк, ушулар белгилүү болот:

Япония Кытайга өкүмдарлык кылган узун тарыхка ээ. Америка жана башка колонизатор Европа мамлекеттери Японияны чектеп коюшунан мурда, Кытай япон колонизаторлугунун кеңир аймагын түшүндүргөн. Башкача айтканда, Япония тарыхындагы сансыз жеңиштердин кээ бирлери бүгүнкү күндө да тирүүлүгүн сактап келүүдө. Кытай Япониядан тарыхта жасаган кылмыштары үчүн кечирим суроону жана конфискация төлөөнү талап кылып келет. Башка тараптан, Америка жана Кытайдан кийин үчүнчү орунда турган Япония экономикасы Кытай менен кеңири көлөмдүү күрөш саясатына каражат сарптоого кудуреттүү экендиги да чоң мааниге ээ. Эгер, Япония өзүнүн аскерий кубатын кайра тикелесе, Япониянын өнөр жай жана технологиядагы үлкөн жөндөмү Кытай каршы жеке өзү күрөшүү мүмкүнчүлүгүн берет.

Бирок, Америка Япониядан АКШ жетектеген союздун алкагында ушундай кылууну каалап жатат. Муну менен, АКШ Япониянын саясаты кеңири көлөмдүү Америка планынын бир бөлүгү болушун, Япониянын күч тенденциясы Америка менен болгон душмандык доорун, өзгөчө Американын ядролук чабуул жасаганын эсине салбашын каалап жатат. Себеби, Япония Америка менен чыр-чатактуу узун тарыхка ээ… Ушулардан келип чыгып, Америка Япониянын жаңы стратегиясынын бардык тармагын толук көзөмөлдөөнү каалайт. Анткени, бул стратегия Япония аскерий кубатын тикелегенде Кытайга каршы күрөш менен чектелиши жана андан ары өтүп, Американын ядролук чабуулун эске салбашы керек! АКШнын Азияда Кытай менен күрөштүн негизи катары Япониянын аскерий кубатын кайра тикелөө жөнүндөгү көз карашы Чыгыш Европада Россияга каршы туруу үчүн Америка жетектеген Германиянын аскерий кубатын кайра тикелөө стратегиясына окшойт.

Жогоруда айтылгандарга карабастан, Япония да кудум Германия сыяктуу армиясын тикелөөдө кечикти… Туура, бул элдер тирүү калктар. Бирок, алардын аң-сезимин соода-сатык жана акча ээлеп алгандыктан бакубат жашоо уланууда. Бирок, алардын кадырына жана намысына зыян жетти. Алардын жетекчилери согушка жана таасирге умтулуу арзууларын жоготушту. Ошентип, Япония жана Германия Америка менен Европанын алкагында аракет кылып калды. Ушул себептен улам, Япония (жана Германия) Америка үндөгөнгө чейин жетимиш жыл же андан да көп убакытка өз армиясын тирилтүүгө кечикти… Бирок, бул калктар тирүүлүктү жетиштүү баалаган калктар. Бул мамлекеттер тез убакта ядролук күчкө айлана турган аскерий күчтү тикелеши жакынкы келечекте кайра өз кубатын жана улуулугун сезишине себеп болот. Ал тургай, бул Американын өзүнө да маселе жаратат жана алардын ортосундагы карама-каршылыктарды курчутат. Ошондуктан, Америка Япония менен Германиянын бул аскерий стратегиясын дыкат күзөтүүдө!

**Бешинчиси:** бүгүнкү күндөгү улуу мамлекеттердин акыйкатын үйрөнгөн кишилер ушуларды жакшы билишет: бул мамлекеттер изгилик жана адилетти кадырлашпайт. Ошол улуу мамлекеттердин пикирин ылайык, жакшылык – башкалар үчүн жамандык болсо да – өз нафсин кандыруу. О.э. адилеттик – башкаларга адилетсиздик болсо да – башкаларга өкүмдарлык кылуу. Ошондуктан, алардын кадыр-кыймат таразасы изгилик жана адилеттен өтө алыс. Кудум тарых кайталанып жаткандай. Фарстар менен Румдар зулум жана адилетсиздик менен дүйнөгө өкүмдарлык кылып турганда Ислам изгилик жана адилеттик алып келди о.э. түнү күндүздөй жарык болгон жол дүйнөгө нур чачты. Ушул таризде акыйкат келди, батыл жок болду… Бүгүнкү маселе да кечеги маселе менен бирдей болуп, Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык мамлекетин кайра тикелениши менен оңдолот. Бул, Аллахтын уруксаты менен залим өкүмдарлыктан кийин тез арада болот деп ишенебиз. Расулуллах ﷺ айтат:

**«... ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا جَبْرِيَّةً، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ.** ثُمَّ سَكَتَ»

**«Кийин жабыр көрсөтүүчү залим падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот.** Андан соң Пайгамбар с.а.в. сүкүт кылды». (Ахмад жана Таялисий).

Азиз жана Кудуреттүү Аллах акыйкат айтты:

﴿وَاللَّهُ غَالِبٌ عَلَى أَمْرِهِ وَلَكِنَّ أَكْثَرَ النَّاسِ لَا يَعْلَمُونَ﴾

***«Аллах Өз ишинде үстөмдүк кылуучу бирок, адамдардын көпчүлүгү** (муну) **билишпейт»*** [12:21]

**30-жумадулаввал, 1444-х.**

**24-декабрь, 2022-м.**